**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ**
**КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА**
**УЛУТТУК КОМИССИЯ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ**
**ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

***Экинчи бөлүк***

**Академик А. Акматалиевдин**
**жалпы редакциясы астында**

БИШКЕК
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ»–2019

УДК 80/81
ББК 81.2-4
К 97

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын алкагында жарык көрдү.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 30 жылдыгына карата чыгарылды.

Басмага КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

**Рецензенттер:**

**Т. Садыков** – филология илимдеринин доктору
**К. Токтоналиев** – филология илимдеринин доктору
**Т. Токоев** – филология илимдеринин доктору

**Сөздүктү түзүүчүлөр:**

| | |
|---|---|
| **Абдувалиев И.** | **Акматалиев А.** |
| **Кадырманбетова А.** | **Касымгелдиева М.** |
| **Семёнова Ж.** | **Жайлообаев Б.** |
| **Исабекова А.** | **Маразыков Т.** |
| **Мусаев С.** | **Олжобаев С.** |
| **Осмонова Ж.** | **Толубаев М.** |
| **Шатманов С.** | **Коңурбаева Р.** |

**Редколлегия:**

| | |
|---|---|
| **Акматалиев А.А.** | **Мусаев С.Ж.** |
| **Байгазиев С.О.** | **Садыков Т.** |
| **Жайнаков А.Ж.** | **Токтоналиев К.Т.** |
| **Маразыков Т.С.** | **Эркебаев А.Э.** |

**К 97** **КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ. Экинчи бөлүк.** – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2019. – 800 б.

ISBN 978-9967-9174-3-9

«Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» түзүү – учурдун талабы. Сөздүккө 50 000ден ашык сөз жана сөз айкаштары камтылып, ар бирине түшүндүрмөлөр берилди. Түшүндүрмөлөр адабий чыгармалардан, мезгилдүү басма сөздөн, саясий, илимий ж.б. адабияттардан, оозеки кептен алынган мисалдар менен бекемделди.

Сөздүк окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат. Китеп эки бөлүктөн турат.

**К 4602030000-19** **УДК 80/81**
**ББК 81.2-4**

ISBN 978-9967-9174-3-9

© КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2015, 2016, 2019
© КРнын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия, 2016, 2019
© Полиграфбумресурсы, 2019

**КОЛУНДА ЖОК** Жетишсиз, начар, алсыз, жоксуз. *Энебиз жесир, колунда жок* (Сыдыкбеков). *Адилетсиз турмуш ай, Колунда жок болгон соң, Бечаралык ушундай* (Токтогул).

**КОЛУНДА ТУРАТ** Бийлик өзүндө, бар-дыгын өзү билет. *Бул бечаралардын тагдыры азыр анын колунда турат, эмне кылам десе өзү билет да* («Ала-Тоо»).

**КОЛУНУН КЫЧУУСУ КАНУУ** Моокуму канганча абдан былчылдата уруу, согуу ж.б. сыяктуу мааниде. *Егордун колунун кычуусу канды окшойт, сөгүп-сөгүп, көчүккө бир тээп кайдадыр аттанып кетти* (Саатов). *Колунун кычуусу канганы менен кучунашы тарабады* («Чалкан»).

**КОЛХОЗ** *тар.* Коллективдүү чарба (негизги өндүрүш каражаттарын коомдоштурууга негизделген, айыл чарбачылыгын биргелешип жүргүзүү, өнүктүрүү үчүн коллективдешкен эмгекчи дыйкандардын социалисттик формадагы өндүрүштүк бирикмеси). *Алдыңкы колхоз. Миллионер колхоз. Ордендүү колхоз.* ‖ Колхоз мүчөлөрүнүн жалпы тобу, коллективи. *Жатпай ишке чыкканын, Жалпы колхоз билишти* (Барпы).

**КОЛХОЗДОШ** Коллективдүү чарбага биригүү, колхозго айлануу, колхоз болуу. *Колхоздошкондон бери Мамбеткулдун иши андан бетер оңолду* (Каимов).

**КОЛХОЗДОШТУР** **колхоздош** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛХОЗДОШУУ** **колхоздош** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛХОЗЧУ** Колхоздун мүчөсү, колхоздо эмгек кылган адам. *Эс алып отурушкан колхозчулар* (Сасыкбаев). *Өзүбүз сиздей эле колхозчубуз* (Сыдыкбеков).

**КОЛЧОЙ** Сыны жок, кептүү эмес, олчойгон чоң бут кийимге карата айтылат. *Мен колчойгон чокоюм менен эшиктин алдына барып отурдум* (Элебаев).

**КОЛЧОЙТ** **колчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛЧОНДО** Колчойгон чоң чокой кийген кишинин эби-сыны жок кыймыл-аракетине карата айтылат.

**КОЛЧОНДОО** **колчондо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЧОНДОТ** **колчондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЛЧОЮУ** **колчой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЛЬТ** Өзгөчө системадагы револьвер же пулемёт.

**КОЛЯСКА** 1. Кичинекей баланы (көбүнчө буту баса элек баланы) салып, түртүп жүрүүгө ылайыкталган төрт дөңгөлөктүү кичине араба. *Айна Дзержинский көчөсүндө көгүш түстөгү коляскага сегиз айлык кызын отургузуп, сейилдеп жүргөн эле* (Шимеев). 2. Мотоциклге чиркелген же ма-йыптар түшүүгө ылайыкталган кичинекей араба.

**КОМ** 1. Төөгө жүк артуу үчүн өркөчүнө, белине орой таңылган кабат-кабат кийиз же башка калың нерсе, чом. *Эшегине жараша – чому, төөсүнө жараша – кому* (макал). *Атанды комдоп жүк артып, Айылы көчтү жерине* («Эл адабияты»). 2. Абдан семирген төөнүн же уйдун жон майы. *Ыкшоо тартып, араң басып калган ала бөйрөк кара уй кампайып ком жапты* (Бейшеналиев). *Төө семирип ком алган, Ком алганда чоң алган* (Токтогул).

**КОМ ЖЫГАЧ** Төөнү комдогондо эки капталына тартуучу жыгачы.

**КОМА** *мед.* Эс-учунан тануу.

**КОМАНДА** 1. Командирдин белгиленген формада оозеки түрүндө берилген кыскача буйругу. *Батальон, катарга! – деген команда угулду* («Ала-Тоо»). 2. Белгилүү бир согуш бөлүгүнүн башчылык иши. *Команданы кабыл алуу. Команданы өз колуна өткөрүү.* 3. Согуштук бөлүктүн өзгөчө тобу же белгилүү максатка ылайык убактылуу топтолгон кичинекей бөлүкчө. *Чалгынчылар командасы. Замбирекчилер командасы. Атчандар командасы.* 4. Белгилүү милдетти атка- рууучу адамдар тобу. *Өрт өчүрүүчүлөр командасы.* 5. Кеменин өздүк составы. 6. Капитаны бар (капитан жетекчилик кылган) спорттук коллектив. *Футболдук команда. Баскетболчулардын командасы.*

**КОМАНДАЛЫК** **команда** дегенге таандык.

**КОМАНДАРМ** Армияга командалык кылуучу, армиянын командири.

**КОМАНДАЧЫ** Ири аскердик бирикменин башчысы, команда берүүчүсү. *Кызыл Армиянын башкы командачыларынын бири М.В. Фрунзени сурап жатпаңыз?* (Сасыкбаев).

**КОМАНДИР** 1. Аскердик бөлүктүн же аскердик кеменин башчысы, команда берүүчүсү. *Панфилов командирлер менен кеңешме өткөзүп жатты* (Сасыкбаев). 2. Кандайдыр бир мекеменин, ишкананын жетекчиси, башкаруучусу. *Өндүрүштүн коман- дирлери.*

**КОМАНДИРОВКА** 1. Туруктуу иш жа-йынан тышкары жактарга барып аткарууга туура келген тапшырма, иш. 2. Ушундай тапшырма менен бир жакка (тышкары жактарга) баруу. *Командировкада болуу. Командировкадан келүү.*

**КОМАНДИРОВКАЛА** Бөлөк бир жакка командировкага баруу, командировкада жүрүү. *Болот «Биринчи май» айылына ко-мандировкалап келген.*

**КОМАНДОР** 1. *тар.* Орто кылымдагы дiний-рыцарь ордендеринин жогорку да-ражадагы наамы жана ушундай наамга ээ болгон адам. 2. Ат, лыжа, автомобиль жарыштарына же башка спорттук мелдештерге жетекчилик кылган адам. *Автомобиль мелдешинин командору.*

**КОМБАЙН** Бир мезгилде бир нече маши-

нанын ишин аткаруучу татаал системадагы машиналардын наамы. *Эгин комбайны. Таш көмүр комбайны. Картофель жыйноочу комбайн.*

**КОМБАЙНЧЫ** Комбайнды айдоочу, жүргүзүүчү адам.

**КОМБАТ** 1. Батальондун командири. *Комбат кырктагы киши эле.* 2. Батарея командири.

**КОМБИКОРМ** Тамак болуучу заттардын, минералдык туздардын, витаминдердин аралашмасынан мал үчүн жасалган тоют.

**КОМБИНАТ** 1. Технологиялык процесси боюнча бири-бири менен байланыштуу бир нече ишканаларды бириктирип туруучу ири өнөр жай ишканасы же технологиялык жактан өз ара байланышы жок ишканалардын, өнөр жайлардын бир тармагынын административдик бирикмеси. *Эт-сүт комбинаты. Жибек түрүү-токуу комбинаты. Сукно-камвол комбинаты. Май нан комбинатынын кондитер цехинде* (Сасыкбаев). 2. Турмуш-тиричилик жагынан тейлөөчү ишканалардын же жергиликтүү өнөр жайындагы майда өндүрүштөрдүн бирикмеси. *Райондук өнөр жай комбинаты. Турмуш-тиричилик жагынан тейлөө комбинаты.* 3. Заводдордун, ишканалардын алдындагы түрдүү окуу жайларынын (мис. институт менен техникумдун же профес-сионалдык-техникалык окуу жайларынын) бирикмеси. *Окуу комбинаты.*

**КОМБИНАЦИЯ** 1. Бир түрдүү нерселердин өз ара айкалышуусу, кошулуусу, бирибирине шартталышкан, кыналышкан түрдө жайгашуусу. *Тыбыштардын комбинациясы. Боёктордун комбинациясы. Цифралардын комбинациясы.* 2. *өт.* Кандайдыр бир максатка жетүү үчүн ойлонулган амал, түрдүү айла, аракет. 3. *спорт.* Оюн убагында жеңишке, артыкчылыкка жетүү үчүн колдонулган бир нече ыкманын жалпы айкалышы. *Шахматтык комбинация.* 4. Аялдардын ич көйнөгү.

**КОМБИНЕЗОН** Жумушка кийүүгө ылайыкталып, курткасы менен шымы бириктирилип тигилген жеңил тыш кийим. *Фатиманын кара комбинезону шырыктай боюна жарашып турду* (Сасыкбаев). *Айсулуунун үстүндөгү комбинезону кара майга майланышкан* (Баялинов).

**КОМБИНЗОН** *туурасы:* **комбинезон.**

**КОМБРИГ** Бригаданын (армиядагы) командири.

**КОМГОК** Топурактын, тезектин ж.б. тоголоктошуп жатып калган бөлүгү, кесеги. *Жылдызкан жолдун жээгинде жаткан комгокту ала коюп урду эле, тийген жок* (Байтемиров). *Татыбек колуна кармаган комгок топуракты талкалоо менен алек* (Байтемиров).

**КОМДИВ** Дивизиянын командири.

**КОМДО** Төөнүн үстүнө ком салуу, ком токуу. *Атанды комдоп алып, муз артып кел* (Сыдыкбеков). *Мага ак тайлакты комдоп бериңиз! – деди Куйручук* («Жомоктор»).

**КОМДОЛ** **комдо** этишинин туюк мамилеси.

**КОМДОЛУУ** Жүк артууга даярдалып, үстүнө ком салынган. *Комдолуу төө.*

**КОМДОН** 1. Арткы буттарын жыйырып, бир нерсени качырууга, атырылып тийүүгө камданган абалда бөгүп жатуу (итке же башка жырткыч айбандарга карата). *Жолборс арчанын арасындагы таштын үстүндө комдонуп жаткан экен* (Бөкөнбаев). *Тордо жаткан илбирс жолоочуну басып жечүдөй болуп, күркүрөп комдонот* («Кыргызстан аялдары»). 2. Бир нерсеге тап койгон, даярданган, обдулган абалда болуу. *Муслимахун муштумун түйүп, тишин кычыратып комдоно калды* (Жантөшев). *Жанузак бутун тартып, комдонуп койду* («Ала-Тоо»).

**КОМДОТ** **комдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОМДОШ** **комдо** этишинин кош мамилеси.

**КОМДУУ** 1. Кому бар, чом салынган, комдоп коюлган. 2. Кому ачылбаган, жонундагы майы кете элек, семиз бойдон. *Төө комдуу калды, Кой жондуу калды* (Тоголок Молдо).

**КОМЕДИЯ** 1. Күлкүлүү, сатиралык мазмундагы драмалык чыгарма. 2. *өт.* Күлкү келтирерлик, тамашалуу окуя же бирөөнүн ушундай мүнөздөгү кылык-жоругу.

**КОМЕНДАНТ** 1. Крепосттун, ар кандай согуштук чептердин аскерлеринин башчысы. *Крепосттун коменданты.* 2. Гарнизондук жана кароолдук кызматтын туура жүргүзүлүшүнө, аскер кызматындагылардын коомдук жайларда тартип сактоосуна көз салуу милдетин аткаруучу аскер башчысы. *Шаардын коменданты. Гарнизондун коменданты. Лагердин коменданты. 3.* Аскерлерди же аскердик кызматтагы башка, адамдарды жана согуштук жүктөрдү бир орундан экинчи орунга жөнөтүү, жеткирүү иштерин туура уюштуруу жагына көз салуучу, тейлөөчү адам. 4. Кандайдыр бир мекеменин алдындагы үйлөрдү, жатаканаларды башкаруучу, анын чарбалык иштерине жетекчилик кылуучу адам. *Үй коменданты. Жатакананын коменданты.*

**КОМЕНДАТУРА** Комендanttын башкаруусу астындагы мекеме жана ал мекеме орношкон имарат. *Аскердик комендатура.*

**КОМЕНДОР** Артиллерист моряк, замбирекчи моряк.

**КОМЕТА** Күн системасына кирүүчү асман телосу. *Кометанын ядросу муз түрүндөгү телодон, тоңгон газ менен чаң бүртүкчөлөрүнүн кошулмаларынан турат.*

**КОМИК** Көрүүчүлөрдү күлдүрө турган күлкүлүү ролдорду аткаруучу актер, куудул.

**КОМИЛЕР** Коми мамлекетинин негизги калкы.

**КОМИНТЕРН** Коммунистик интернационал.

**КОМИССАР** 1. Кеңеш өкмөтү тарабынан берилген коомдук-саясий, административдик ж.б. башкарууга укугу бар кызматкер. *Пудовкинди Туркестан согуш майданынын 197-полкуна комиссар кылып дайындады* (Бектенов). 2. XVIII–XIX кылымдарда Россияда жана чет мамлекеттерде полиция кызматындагы чиновник.

**КОМИССАРИАТ** Комиссар башкарган мамлекеттик жана административдик мекемелердин наамы.

**КОМИССИЯ** 1. Белгилүү бир маселе, иш боюнча текшерүү, аныктоо, кабыл алуу, жактыруу ж.б. операцияларды жүргүзүү үчүн тийиштүү мекеменин, уюмдун алдында түзүлүп, атайын укукка ээ болгон адамдар тобу же бир нече адамдан турган орган. *Шайлоо комиссиясы. Текшерүү комиссиясы.* 2. Мамлекеттик башкаруунун белгилүү бир функцияларды аткаруучу органы. *Мамлекеттик пландоо комиссиясы.* 3. Сатылган өндүрүмдөрдөн түшкөн сумманын белгилүү пайызын өзүнө калтырууга негизделген соода. *Буюмдарды комиссияга алуу. Комиссияга өткөрүү.*

**КОМИТЕТ** 1. Кандайдыр бир ишке жетекчилик кылып турган шайлануучу орган. *Тынчтыкты коргоонун советтик комитети. Областтык аткаруу комитети.* 2. Мамлекеттик башкаруунун белгилүү бир функцияны аткаруучу органы.

**КОММЕНСАЛИЗМ** Табияттагы бир түрдүү организмдердин башка бир түрлөрдүн эсебинен, аларга зыян келтирбей жашоо түрү.

**КОММЕНТАРИЙ** 1. Кандайдыр бир текстке берилген түшүндүрмө. *Кол жазмага берилген комментарий.* 2. Бир нерсенин жөнүн чечмелеп түшүндүрүү, тактоо, аныктоо иретиндеги сын пикирлер, кошумчалап айтылган ойлор. *Күндөлүк саясатка байланыштуу окуяларга берилген комментарийлер.*

**КОММЕНТАРИЙЛҮҮ** Комментарий берилген, комментарийи бар. *Пушкиндин комментарийлүү чыгармалары.*

**КОММЕНТАТОР** Бир нерсеге комментарий берген киши, комментарийдин автору.

**КОММЕРСАНТ** Жеке менчик соода-сатык, коммерция менен кесип кылган инсан, соодагер.

**КОММЕРЦИЯ** Соода, жалпы эле соода иштери.

**КОММЕРЦИЯЛЫК** **коммерция** дегенге таандык. *Коммерциялык мекеме. Коммерциялык операциялар.*

**КОММУНА** 1. Мал-мүлктү жана эмгекти коомдоштурууга, ортолоштурууга, негизделип, чогуу жашоо үчүн баш кошкон адамдар тобу. *Эмгек коммунасы. Артель менен коммуна дүркүрөп турган чак* (Элебаев). 2. Франциядагы жана кээ бир башка өлкөлөрдөгү төмөнкү административдик территориалдык бирдик; шаардык же айылдык типтеги калк отурукташкан жай, поселок. **Айыл чарба коммунасы.** Өндүрүш каражаттары, керек-жарак жана турмуш-тиричиликти тейлөө каражаттары толук коомдоштурулган коллективдүү айыл чарбанын эң жогорку формасы. 3. Орто кылымдагы Батыш Европада шаардын өзүн-өзү башкаруу тиби.

**КОММУНАЛА** Коммунага бириктирүү, кошуу. *Колхоз куруп коммуналап, Жекечилди жек көрүү* (Бөкөнбаев).

**КОММУНАЛДЫК** 1. Шаардык чарбага, шаар калкына кызмат көрсөтүүгө таандык. 2. Коммунага (территориалык-административдик бирдикте) таандык. *Коммуналдык шайлоолор. Коммуналдык курулуш. Коммуналдык чарба. Коммуналдык банк. Коммуналдык тейлөө.*

**КОММУНАР** 1. Париж коммунасынын катышуучусу. 2. Коммунанын мүчөсү.

**КОММУНИЗМ** 1. Коомдук-экономикалык түзүлүштүн бир түрү. 2. Ушул түзүлүштүн илимий теориясы.

**КОММУНИСТ** Коммунисттик партиянын мүчөсү. *Биздин жүрөк – коммунисттин жүрөгү* (Токомбаев). *Лампанын жарыгын тегеректеп кендин активисттери, коммунисттери отурушту* (Сасыкбаев).

**КОММУНИСТТИК** 1. **коммунизм** дегенге таандык.

**КОММУТАТОР** 1. Электр тогун жиберүү, токтотуу жана анын багытын өзгөртүү үчүн колдонула турган буюм, жабдуу. 2. Телефон жолдорун байланыштыра турган атайын техникалык жабдуу.

**КОММЮНИКЕ** Эл аралык сүйлөшүүлөрдүн жүрүшү жана алардын натыйжасы жөнүндө – эл аралык келишимдер жөнүндө, өлкөнүн ичиндеги эң маанилүү окуялар жөнүндө официалдуу билдирүү.

**КОМОГОЙ** *диал.* Көп сүйлөбөгөн, жоош, бир мүнөз, ачык-айрым эмес, түнт. *Кыздарга калп эле комогой көрүнүүчү турбайсыңбы?* (Каимов).

**КОМОГОЙЛОН** *диал.* Комогой көрүнүү, көп сүйлөбөө, бирөөгө шыгын кошпоо. *Бек компанияга жана тамашаларга кошула албай, өзүнөн өзү комогойлонуп туруучу* (Каимов).

**КОМОД** Суурулма үкөктөрү бар жапыз шкаф.

**КОМОКОЙ** Найзанын учундагы темирдин жумуру бөлүгү.

**КОМОКОЙЛУУ** 1. Комокою бар, ашталуучу жери калыңдалган (найзага карата). *Комокойлуу сыр найза, Коройтуп колго алды эле* («Сейтек»). *Комокойлуу сыр найза, Уңгусун болот аштаган, Темирге сайса өтсүн деп* («Манас»). 2. *өт.* Ач көз, тойбогон соргок.

**КОМПАКТ-КАССЕТА** Кичинекей магнитофонго ылайыктуу магниттик лентага жазылган кичинекей кассета.

**КОМПАНИЯ** 1. Убактысын бирге өткөрүүгө, бирге көңүл ачууга чогулган же максаты, тилеги бир болгон адамдар тобу. *Мени өзүңөрдүн компанияңарга кошуп алгыла* (Абдумомунов). *Көңүлдүү компанияларды кээ-кээде күсөп калар элем* (Абдыраманов). 2. Соода же өнөр жай иштери боюнча келип чыккан шериктик. Ошондой мекеме.

**КОМПАНЬОН** 1. Компанияга катышкан, компанияда бирге болгон киши. 2. Соода же өнөр жай компаниясынын мүчөсү.

**КОМПАРТИЯ** Коммунисттик партия.

**КОМПАС** Магниттелген стрелкасы дайыма түндүктү көрсөтүп турууучу, ошого карата багытты аныктоо үчүн колдонулуучу аспап.

**КОМПЕНСАТОР** Кандайдыр бир механизмдердин иштөө шарттарын тууралоо, теңдөө же бир нерсенин айырмасын чечөө үчүн колдонулуучу ар түрдүү аспаптардын наамы.

**КОМПЕНСАЦИЯ** Эмгек үчүн төлөө же тарткан зыяндын ордун толуктоо. Мыйзам боюнча көрсөтүлгөн бөтөнчө учурларда кызматкерге төлөө. мис. өргүү ордуна акча берүү.

**КОМПЕТЕНТТҮҮ** 1. Белгилүү бир тармактан маалыматы бар, кабардар, билими жетишерлик болгон, адистиги жетик адам. 2. Бир нерсени чечүү, аткаруу үчүн толук укукка ээ өкүл. *Компетенттүү мамлекеттик орган.*

**КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК** Компетенти бар, билим жагынан такшалгандык, мыкты билгендик, жетиктик. *Айтылган пикирдин компетенттүүлүгү. Соттун компетенттүүлүгү.*

**КОМПЕТЕНЦИЯ** Кимдир бирөө жакшы өздөштүргөн, мыкты билген, каныккан маселе же кандайдыр бир иш тармагы.

**КОМПИЛЯТИВДҮҮ** Башка бирөөлөрдүн чыгармаларын, жазган эмгектерин алып бириктирүү жолу менен жаралган (эмгек).

**КОМПИЛЯЦИЯ** Башка бирөөлөрдүн чыгармаларынан, жазган эмгектеринен терип алуу жолу менен эмгек (өз алдынчалуулукка ээ эмес) жаратуу.

**КОМПЛЕКС** Бир бүтүндү түзүүчү нерселердин, аракеттердин, кубулуштардын, касиеттердин, түшүнүктөрдүн айкалышы, жыйындысы. *Шаар курулушунун комплекси. Өндүрүштүк комплекс. Архитектуралык комплекс. Гимнастикалык көнүгүүлөрдүн комплекси.*

**КОМПЛЕКСТҮҮ** Бир канча нерселерди, кубулуштарды, процесстерди өз кучагына алган, белгилүү бир нерселердин комплексин түзүүчү, комплекстен турган, өз ара айкалыштырылган. *Комплекстүү бригада. Комплекстүү экспедиция. Бардык жерлерде комплекстүү механизациялаштырылган топтор түзүлдү* («Ала-Тоо»). *Гозолорду багуу жумуштары комплексттүү жүргүзүлүүдө* («Кыргыз Туусу»).

**КОМПЛЕКТ** 1. Жалпы жыйындысы өзүнчө бир бүтүндү түзө турган нерселердин тобу, толук жыйнагы. *Аспаптар комплектиси. Машинанын кошумча бөлүктөрүнүн комплектиси.* 2. Кызматка, окууга ж.б. кабыл алынуучу, өткөрүлүүчү адамдардын штатка же бекитилген жобого ылайык келген белгилүү саны, чектелген өлчөмү. *Кабыл алынган окуучулардын комплектиси.*

**КОМПЛЕКТҮҮ** Комплектти түзгөн, бир нече комплектиден турган, комплект түрүндө чыгарылган.

**КОМПЛЕКЦИЯ** Дене түзүлүшү, тулку бою, дене түзүлүшүнүн жалпы көрүнүшү.

**КОМПЛИМЕНТ** Бирөөгө айтылган мактоо.

**КОМПОЗИТОР** Музыкалык чыгармаларды түзүүчү адам, музыкалык чыгармалардын автору. *Токтогул улуу акын гана болбостон, улуу композитор да болгон* (Бөкөнбаев). *Кыргыздын белгилүү композиторлорунун бири Абдылас Малдыбаевдин чыгармалары өлкөбүзгө кеңири белгилүү* («Ала-Тоо»).

**КОМПОЗИТОРЛУК** **композитор** дегенге таандык. *Композиторлук жөндөм, шык.*

**КОМПОЗИЦИЯ** Адабият, искусство чыгармаларынын курамдык бөлүктөрүнүн түзүлүшү, орун алышы, өз ара байланышы. *Романдын композициясы. Операнын композициясы.*

**КОМПОЙ** Бир нерсеге ыраазы болгондой, кубангандай көрүнүштө болуу, көңүлү көтөрүлүү. *Кундуз Исмаиловна катты окуп бүтүп, канагат алгандай компоюп койду* («Ала-Тоо»). *Ражаб анын сыйлаганына компоё түшүп, мурутун сылады* (Абдукаримов).

**КОМПОЙТ** **компой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОМПОНЕНТ** Бир нерсенин курамы, бөлүгү.

**КОМПОНДО** Бир нерсеге күдүңдөп сүйүнгөн, ыраазы болгонсуган көрүнүштө жүрүү, компоюу.

**КОМПОСТ** Өсүмдүктөрдүн, минералдардын же жаныбарлардын калдыктарын топурак же торф менен аралаштыруу аркылуу жасалган органикалык жер семирткич.

**КОМПОТ** Кургатылган же жаңы жемиштерден кант кошуп кайнатып жасалган суусун.

**КОМПРЕСС** Сууга же дарылык касиети бар курамга малып, ооруган жерге дарылоо максатында таңылуучу таңгыч. *Ысыткыч (ысытуучу) компресс. Кургак компресс. Компресс коюу.*

**КОМПРЕССОР** Абаны, бууну, газдарды кыса турган машина.

**КОМПРОМИСС** Биринин шартына бири көнүү, бири-бирине жол берүү аркылуу түзүлгөн келишим.

**КОМПРОМИССТИК** Компромисс мүнөзүндөгү, компромисс болуп саналган. *Компромисстик чечим.*

**КОМПЬЮТЕР** *инф.* Өзүнүн эсинде сактаган буйруктарды башкаруусу менен иштеп, маалыматтарды кабыл алып, берилиштер үстүнөн арифметикалык жана логикалык амалдарды аткаруу менен жыйынтык алып, кийин колдонуу үчүн сактаган электрондук түзүлүш. *Бир эле компьютерде жүздөгөн же миңдеген файлдар болот.*

**КОМПЬЮТЕР ВИРУСУ** *инф.* Башка программалык жабдыкка же файлга жугуп, аларды зыянга учуратуу үчүн иштелип чыккан компьютердик программа.

**КОМПЬЮТЕРДИК компьютерге** таандык, компьютерде иштелүүчү. *Китеп басууда компьютердик верстка кылынат. Компьютердик оюндар жаш балдардын ден соолугуна кооптуу.*

**КОМПЬЮТЕРЛЕШТИРҮҮ** Кандайдыр бир өндүрүштүн тармагына, коомдук ишмердүүлүккө компьютерди жайылтуу, таратуу.

**КОМСОМОЛ** Кеңеш өкмөтү мезгилинде түзүлгөн жаштар уюму.

**КОМСОМОЛДУК комсомол** дегенге таандык. *Комсомолдук чогулуш.*

**КОМСОН комсун** менен бирдей. *Мындай жооптон кичине комсоно түшкөн Назгүл башка жакка чалган* (Бейшеналиев).

**КОМСОО** 1. Көрүнүшү серт, кебетеси жөнөкөй, жупуну көрүнгөн. *Сапар көрктүү кыздын жанында өтө комсоо көрүндү* (Бейшеналиев). 2. Ылайыксыз, оңтойсуз. *Короодо жатат коюм деп, Кор болбоймун оюм деп, Комсоо кепти сүйлөбө* («Манас»).

**КОМСООЛУК** 1. Көзгө комсоо көрүнгөндүк, комсоо көрүнгүдөй абалда болгондук. 2. Ылайыксыздык, оңтойсуздук.

**КОМСУН** Ишенбегендей, алымсынбагандай абалда болуу, оңтойсуздануу. *«Сакайып кете турган» деген сөздү аксакалдар комсуна карап угушту.*

**КОМСУНУУ комсун** этишинин кыймыл атоочу.

**КОМУЗ** Жыгачтан чабылган үч кылдуу улуттук музыкалык аспап. *Аскардын колдору комуздун кылын бирден тергенсип кыбырай баштады* (Сыдыкбеков). *Кылы сындуу бек чыңалган комуздун, Үнү сындуу хордо турган он кыздын* (Келдибекова).

**КОМУЗЧУ** Комузду жакшы черткен, комуз чертkенди билген адам. *Ой, комузчу, комузчу Чертсең чертчи комузду* (Үмөталиев).

**КОМУЗЧУЛУК** Комузчу болуу кесиби, комуз черте билгендик.

**КОМУК: кара комук** Кара көңдүн, кыктын үйүлгөн дөбөсү, топтолгон бөлүгү.

**КОМУЛДА коңулда, коңултакта** менен бирдей.

**КОМУТ** Өкүнүчкө, арман-мунга, кейишке, баткан, кыйын абал, шарт. *Комутта өткөн кайраным, Козголуп калды арманым* (Тоголок Молдо).

**КОМУТТУУ** 1. Наарazылыгы бар, армандуу. *Кордогон душман жоголуп, Комуттуу иши оңолуп* («Сейтек»). *Черин жазып кармашпай Комуттуу болуп калуучу* («Семетей»). 2. Жашоо-тиричиликтин оңтойлуу, жайлуу болушу, ушундай абалды түзүүгө зарыл болгон нерселердин жыйындысы.

**КОМУТУ ТОЛБОО** Алымсынбоо, наарazы болуу.

**КОМФОРТ** Турмуштун материалдык оңтойлугу жайлуу болушу, бардык шарт түзүлгөн.

**КОМФОРТАБЕЛДҮҮ** Отурган-турганга, жашаганга оңтойлуу, жайлуу, толук комфорт абалында. *Комфортабелдүү бөлмө. Комфортабелдүү мебель. Комфортабелдүү машина.*

**КОН** 1. Учуп жүрүп, жерге, даракка ж.б. отуруу, келип түшүү, орун алуу. *Бир бутактан бир бутакка коно коюп жүргөн куштардын үнү угулат* (Абдукаримов). *Ашыр баланын бетине коно калган чымынды коруп олтурат* (Сасыкбаев). *Чкалов конбой учуп барып келди* (Үмөталиев). 2. Отуруу, минүү. *Мен кызды Чымырга өңөртүп, шып ээрге кондум* (Сыдыкбеков). 3. Чүкө алчы же таа туруу, өкчөгөндө ушундай абалда туруп калуу. *Кыйшык консо сакасы, Кызарышып чырдашып, Сөгүнүшөт балалык* (Токтогул). 4. Көчүп барып конуш алуу, бир жайга орношуу. *Жаңы журтка жаркырап, Конгон элди карачы!* (Токтогул). *Биздин эл көчүп келип, Кыштоодон алыскы ачыктарга коно баштады* (Жантөшев). *Баш жагы салкынтөр болчу. Жазга маал көктөмдө Жабыла көчүп эл кончу* (Токтогул). 5. Түнөө. *Кээде кырда, кээде үйдө Конуп жүрдү Чоюн алп* («Эр Төштүк»). *Керимахун жолго эки конуп, айлына жете келди* (Жантөшев). 6. Тийүү, таасир этүү. *Ачык асман айгине күбө болсун, Менин сүйүүм айланып сага консун* (Шимеев). *Айла, себеп булардан болбой калды, Шыба болуп дабасы конбой калды* (Токомбаев). *Үгүт айтып чарчаба, Айткан акыл конбоско* (Токтогул). 7. Ээ болуу, жетүү. *Эл катары тең иштеп, Эпкиндүү атка коnуңуз* (Осмонкул). *Касиеттүү бул дөбө Кадимден даңкка конгон жер* (Бөкөнбаев). *Ырыс, таалай, бак конуп, Жыргап жаткан биздин эл* (Осмонкул). *Ак калпак кыргыз элиме, Таалай, бакты, сыймыктын Конгонуна кубанам* (Осмонкул).

**КОНВЕЙЕР** Иштелип жаткан нерселерди, материалды бир жумушчудан экинчи жумушчуга жеткирип, жылдырып туруу же жүктү унаага салуу үчүн токтоосуз жылып туруучу техникалык жабдуу. *Ар бир тигүүчү өз участогунда конвейерге үлгүрүп иштеши зарыл* (Сасыкбаев). *Конвейердин чынжыр тасмасы шаркылдап, тынымсыз жылып турууда* (Сасыкбаев).

**КОНВЕЙЕРДИК конвейер** дегенге таандык. *Эмерек цехинде жаңы конвейердик түзүлүш монтаждалып, ишке киргизилген.*

**КОНВЕНЦИЯ** Кандайдыр бир атайын маселелер боюнча түзүлгөн келишим. *Темир жол конвенциясы. Балык уулоо конвенциясы. Конвенция түзүү.*

**КОНВЕРСИЯ** Мурда чыгарылган мамлекеттик баалуу кагаздардын шарттарынын өзгөрүшү. Ага төлөнө турган пайыздын өлчөмүн азайтуу, заёмдун мөөнөтүн өзгөртүү.

**КОНВЕРТ** 1. Бир жакка жиберилүүчү же сакталуучу кат, кагаз, документ ж.б. салуу үчүн кагаздан төрт чарчылап жасалган пакет. *Келин конвертти жыртты да, бир барак кагазды ичинен сууруп чыкты* («Ала-Тоо»). *Чапталган конверттин сыртына Динар бул адрести жазды* (Сыдыкбеков).

**КОНВЕРТИРЛӨӨ** 1. Өлкөнүн валютасын чет өлкөлүк валютага алмаштыруу. 2. Иш-каналарда согуш өндүрүмүн өндүрүүнү көчүрүү.

**КОНВОИР** 1. Бирөөнүн коопсуздугун сакташ үчүн жандап жүрүүчү же бир жакка айдалган күнөкөрлөрдү качырбай күзөтүп баруучу адам. 2. Сууда жол жүрүп бараткан бир же бир нече кемени күзөтүү милдетин аткарган атайын кеме же учак.

**КОНВОЙ** 1. Бирөөнүн коопсуздугун коргоо же бир жакка айдалып бараткандарды качырбай күзөтүп баруу үчүн кошо ээрчип жүргөн адамдар тобу же куралданган отряд. 2. Жол тартып бараткан унаа же соода кемелерин ар кандай кокустуктардан коргоп, күзөтүү милдетин аткаруучу, кемелердин же учактардын тобу.

**КОНГЛОМЕРАТ** 1. Ар кайсы тектүү бирдеменин механикалык биригиши. 2. Ар түрдүү фирмалардын кошулушу менен байланышкан жана олуттуу капиталга контролдук кылуучу монополисттик бирикмелердин формаларынын бири.

**КОНГРЕСС** 1. Кеңири курамдагы, көбүнчө эл аралык маанидеги кеңешме. *Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйнөлүк конгресси. Кыргыз элинин өкүлдөрү эл аралык ар түрдүү конгресстерге катышты.* 2. АКШдагы жана Латын Америкасынын көпчүлүк өлкөлөрүндөгү мыйзам чыгаруучу органдардын (парламенттин) наамы.

**КОНГРЕССМЕН** Конгресстин мүчөсү.

**КОНДЕНСАТОР** 1. *физ.* Электр энергиясын жыйноочу, чогултуучу жабдык. 2. Иштелген, (пайдаланылып бүткөн) бууну суутуп сууга айландыруучу жабдык.

**КОНДИТЕР** Кондитердик азыктарды даярдоо, жасап чыгаруу жагына адистешкен адам.

**КОНДИТЕРДИК** Таттуу тамактарды (конфеттерди, торторду ж.б.) даярдап чыгаруу, өндүрүү жагына тиешелүү. *Кондитердик өндүрүш. Кондитердик фабрика.*

**КОНДИЦИЯ** Кандайдыр бир өндүрүмдү, материалды ж.б. кабыл алууда, текшерүүдө негиз катары эсеп кылууга туура келген өлчөм, чек, сапат.

**КОНДИЦИЯЛЫК** Кондицияга туура келген, сапаты нормадагыдай болгон. *Кондициялык үрөн.*

**КОНДОМИНИУМ** *саяс.* Кош суверендүүлүк, бир аймакты эки же андан көп мамлекеттин биргелешип башкаруусу.

**КОНДОР** Түштүк Америка жакта жашаган зор жырткыч куш, жору.

**КОНДУКТОР** 1. Поездде бирге жүрүп, анын туура жүрүшүнө, коопсуздугуна, андагы жүктөрдүн сакталышына көз салуучу темир жол унаасынын кызматкери. 2. Трамвайда, автобуста, троллейбуста кошо жүрүп, жүргүнчүлөргө билет сатып, алардын кирген-чыкканына көз салып туруучу унаа кызматкери. *Трамвайдын кондуктору. Автобустун кондуктору.*

**КОНДУР** **кон** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОНДУРГА** Жонундагы жоорун кашып, каккылап жибербес үчүн жылкынын омурткаларынан жипке тизип, аркасы жоор болгон аттын мойнуна тагып коюучу кынжы.

**КОНДУРУУ** *аңч.* 1. Бүркүттү, кушту таптап жатканда уктатпай, колго кондуруп үйрөтүү. 2. Алгыр кушту, бүркүттү салганы алып чыкканда (он) колго отургузуу.

**КОНЖУРГА** **кондурга** менен бирдей.

**КОНКРЕТТЕШТИР** Конкреттүү кылуу, айкын-ачык, түшүнүктүү абалга келтирүү, тактоо.

**КОНКРЕТТҮҮ** Так экендиги, болгондугу чындыгы күмөн туудурбаган, реалдуу, далилдүү. *Конкреттүү фактылар.*

**КОНКРЕТТҮҮЛҮК** Конкреттүү тактык, ачык-айкындык. *Жетекчилерден, жалпы эле кызматкерлерден конкреттүүлүк талап кылынат.*

**КОНКУРЕНТ** Теңтайлашкан, бири-бири менен атаандашкан эки тараптын бири, бири-бирине конкуренция кылуучу тараптардын ар бири.

**КОНКУРЕНЦИЯ** 1. Кандайдыр бир майданда бири-бири менен эрегишүү, теңтайлашуу аркылуу жогорку натыйжага жетүүнүн аракети, өз ара атаандаштык. 2. Жеке товар өндүрүүчүлөр ортосундагы өндүрүмдөрдү өндүрүүнүн жана сатуунун эң пайдалуу шарттары үчүн болгон күрөш, капиталисттик шартта жогорку пайданы камсыз кылуу үчүн капиталисттердин ортосунда болгон күрөш.

**КОНКУРС** Катышуучулардын арасынан эң мыктыларын, татыктууларын тандап алуу, ылгоо максатында уюштурулган мелдеш. *Пианисттердин эл аралык конкурсу. Конкурс жарыялоо.*

**КОНКУРСТУК** Конкурска ылайыкталган, конкурстан өтө турган, конкурска байланыштуу болгон. *Конкурстук экзамен. Конкурстук сынoo. Конкурстук чыгарма. Конкурстук комиссия.*

**КОНОГО** Алыска чабылуучу аттардын ты-

нөгү. *Коного атын чаптырып, Желдетке кылыч тактырып* («Эл адабияты»).

**КОНОК I** 1. Жол жүрүп баратып, конуп кетүү үчүн токтогон жолоочу. *Конок тандап конот, ууру басынтып уурдайт* (макал). *Конокту сыйласаң атын да сыйла* (макал). 2. Коноктоо, сыйлоо үчүн атайы чакырылган мейман. *Жапар, сен бүгүн бизде конок бол* (Баялинов). *Жапардын жолдошторун конокко чакырдык* (Жантөшев). 4. Келгендерди коноктоо үчүн берилген оокат, сый. *Коногуна кой союу. Коногун берип узатуу.*

**КОНОК II** 1. Таруу сыяктуу майда дандуу кара эгин. *Конок айдалган ойдуңдан калың үйдү түрө айдаган эки атчан чыкты* (Бейшеналиев). 2. *диал.* Жүгөрү.

**КОНОК III** Көздүн сезгенишинин натыйжасында каректи басып калган кичинекей ак чел. *Көзүнө конок конду.*

**КОНОК АЛУУ** Ашта, тойдо алыстан чакырылган конокторду кондуруп конок кылуу, сый-сыпат көрсөтүп узатуу. *Малдуулар ашка келгендерди күтүүгө, конок алууга камынышты* (Бөкөнбаев). **В.: Конок күтүү.** *Букет камдап, Ала-Тоодон гүл терип, Конок күтүп, кубанабыз той берип* (Нуркамал).

**КОНОК АШ** Ашка, тойго келгендерге (конуучуларына) берилүүчү сый оокат.

**КОНОК КААДАСЫН КЫЛУУ** Келген меймандарга төшөк салып, орун даярдаганча сыртка чыгып туралы деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Конок каадасын кылалы деген Сооронбайдын сөзүнөн улам отургандардын бардыгы тышка чыкты* (Жантөшев). *Кудаларга конок каадасын кылалы.* (Токомбаев).

**КОНОК ҮЙ** 1. Мейманкана. 2. Үйдүн конок күтүүгө арналган бөлмөсү.

**КОНОКСУ** Өзүн конок (мейман) сыяктуу алып жүрүү, конок сыяктуу сезүү. *Жаман киши өз үйүндө коноксуйт* (макал).

**КОНОКТО** 1. Бир жерди түнөк кылуу, түнөө. *Каз коноктогон жер. 2.* Конок кылып сыйлоо, сый көрсөтүү, күтүү. *Ал апендини жакшылап коноктоду* («Жомоктор»). 3. Конок болуу, бирөөнүкүнө конокко баруу, сый көрүү. *Беш күндөн бери коноктоп жүрүп, эми колум бошоду* («Ала-Тоо»). *Айылды түгөл кыдырып, көп жерде коноктоп жүрдүк* («Чалкан»).

**КОНОКТОЛ конокто** этишинин аркылуу мамилеси. *Эстеңиз, бала кезим, сиз болгонсуз, Бир күнү коноктолуп биздин үйгө (*Шимеев). *Ыракмат, чакырдыңыз, конок болдук. Дасторкон ойдогудай коноктолдук* (Токомбаев).

**КОНОКТОО конокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНОКТОТ конокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОНОКЧУЛ** Конок күткөндү жакшы көргөн, меймандос, сыйчыл.

**КОНОЛГО** 1. Коно турган, түнөп жатууга тийиш болгон жер, түнөк. *Коналгомо жеткинче Кокуй күндү не салдың* («Эр Табылды»). *Колун алып бооруна, Коналго издеп корголоп, Коркуп жүргөн элеңдеп* («Залкар акындар»). 2. Атчан киши бир конуп өтө турган аралык. 50–60 км аралык чени. *Ташкенттен чыгып, беш коналгодо Чүйгө кирип барчу экен. Ата-бабаларыбыз аралыкты ат жүрүшү коналго менен жолдогон* (Абакиров).

**КОНОЛГОЛУУ** 1. Конууга, түнөп калууга ылайыгы бар, оңтойлуу. *Жүргүнчүлөр коналголуу жерден өтүп кетишпесин, биз аттаналы.* (Жантөшев). 2. Түнөгү, коно турган жери, коналгосу бар. *Коналголуу куш элем, Конуп учуп кеткенче, Кокуй күндү не салдың* («Эр Табылды»).

**КОНОО** Ат чабыштын жолдо конуп, эртеси эртең менен келүүгө тийиш болгон эң алыс аралыгы. *Коноого чапкан күлүктөй, Кызыганда элирген* (Токтогул). *Коноого чапсам чыгар деп, Коштоп алып жүрөмүн* (Токтогул).

**КОНОЧООК** Өкчөгөндө көбүнчө алчы же таа конуучу, көп конгон (чүкөгө карата). *Коночоокпу? – деп, Абды сакага суктанды* (Осмоналиев).

**КОНСЕНСУС** Макул болушуу, келишүү. Ар кандай коомдун мүчөлөрүнүн көпчүлүгүн жашап турган тартипке, эрежеге макулдугу.

**КОНСЕРВА** Банкаларга бузулбай сактала тургандай кылып бекитилген азык заттары (эт, жашылча, жемиш ж.б.)

**КОНСЕРВАЛА** Консервага айландыруу, консерва кылуу (тамакты, азык-түлүктү).

**КОНСЕРВАЛАН консервала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОНСЕРВАЛОО консервала** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНСЕРВАТИВДИК консервативдүү** менен бирдей.

**КОНСЕРВАТИВДҮҮ** Ар кандай жаңылыктарга каршы чыгуучу, эскини жактоочу, прогресске каршы туруучу. *Консервативдүү көз караштар.*

**КОНСЕРВАТИВДҮҮЛҮК** Жаңылыктарга каршы чыгуучулук, эскини жактоочулук, эски көз карашта болуучулук, эскичилик.

**КОНСЕРВАТИЗМ** Эскини жактоочулук, жаңыга каршы туруп, аны танууга аракеттенгендик.

**КОНСЕРВАТОР** 1. Консерватизмдин тарапкери. 2. Улуу Британияда жана бир катар башка өлкөлөрдө Консервативдик партиянын мүчөсү.

**КОНСЕРВАТОРИЯ** Музыкалык жогорку окуу жайы. *Консерваторияда окуп жаткан Медеттин сюиталары көпчүлүккө жакты* (Абдукаримов).

**КОНСЕРВАЦИЯ** 1. Кандайдыр бир чара-

лардын жардамы менен заттарды бузулуудан сактоо. 2. Ишкананы белгисиз убакытка чейин токтотуп коюу.

**КОНСЕССИЯ** *саяс.* Мамлекет тарабынан чет өлкөлүк фирмаларга пайдалуу кен издөөгө, курулуш иштерин жүргүзүүгө жеке ишкерлерге ж.б. кандайдыр бир мөөнөткө пайдалануу үчүн жер берүү келишими.

**КОНСИЛИУМ** Оорунун дартын аныктоо, дарылоо жолдорун ж.б. аныктоо үчүн өткөрүлгөн врачтардын атайын кеңешмеси.

**КОНСОЛИДАЦИЯ** 1. Мамлекеттик кыска мөөнөттүү карыздарды узак мөөнөттүү карыздарга айландыруу. 2. Чыңдоо, бекемдөө, баш коштуруу. Жалпы максат үчүн айрым уюмдарды, коомдук күчтөрдү бириктирүү, топтоштуруу.

**КОНСОНАНТИЗМ** Белгилүү бир тилдин үнсүз тыбыштарынын системасы.

**КОНСПЕКТ** Окуп чыккан эмгектин, уккан лекциянын ж.б. кагаз бетине түшүрүлгөн кыскача мазмуну.

**КОНСПЕКТИЛЕ** Окуган эмгек, уккан лекция ж.б. жөнүндө же ошолордун негизинде конспект түзүү, конспект жазуу.

**КОНСПЕКТИЛӨӨ** **конспектиле** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНСПИРАТИВДҮҮ** Конспирация менен байланыштуу, жашыруун, ачык абалда эмес.

**КОНСПИРАТОР** Конспирация жолун, пайдалануучу, жашырын абалда жүргөн киши.

**КОНСПИРАТОРДУК** **конспиратор** дегенге таандык. *Конспиратордук ыкмалар.*

**КОНСПИРАЦИЯ** Кандайдыр бир иште сырды сактоо, легалдык эмес, жашыруун иштин сырдуулугун камсыз кылуучу система жана методдор.

**КОНСТАТАЦИЯ** Кандайдыр бир нерсенин, көрүнүштүн болгондугун, бар экендигин, шексиздигин белгилөө, аныктоо.

**КОНСТИТУЦИЯ** Белгилүү бир мамлекеттин коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн, андагы шайлоо системасын, мамлекеттик органдардын уюштурулуш жана иш жүргүзүү принциптерин, жарандардын негизги укуктары менен милдеттерин белгилеп, аныктап көрсөтүүчү негизги мыйзам. *Кыргыз Республикасынын конституциясы.*

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК** **конституция** дегенге таандык. *Эмгек кылуу – конституциялык милдет.*

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК МОНАРХИЯ** Мамлекет башындагы монархтын бийлигине конституция аркылуу чек коюлган мам-лекеттик түзүлүш.

**КОНСТРУКТОР** 1. Бир нерсени конструкциялоочу, конструкциясын түзүүчү адам. *Космос кораблдерин түзүшкөн окумуштуулларга, конструкторлорго даңк* («Советтик Кыргызстан»). *Инженер конструкторлор ГЭС курууда чоң роль ойношот.* 2. Балдар түрдүү курулуштарды жасап ойной турган майда деталдардын, бөлүктөрдүн жыйындысы, комплектиси.

**КОНСТРУКТОРДУК** **конструктор** дегенге таандык. *Конструктордук бюро.*

**КОНСТРУКЦИЯ** 1. Механизмдин, машинанын, курулуштун ж.б. жалпы структуралык түзүлүшү, планы, бөлүктөрүнүн өз ара байланыштуу орун алышы, жайланышы. *Учактын жаңы конструкциясы. Көпүрөнүн конструкциясы.* 2. *грамм.* Сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышы, тизмектелиши. *Синтаксистик конструкция. Сүйлөмдүн конструкциясы.*

**КОНСТРУКЦИЯЛА** Бир нерсенин конструкциясын түзүү, конструкция кылуу.

**КОНСТРУКЦИЯЛОО** **конструкцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНСТРУКЦИЯЛУУ** Конструкциядан турган, конструкция түрүндөгү. *Татаал конструкциялуу машина.*

**КОНСУЛ** Башка бир мамлекеттин шаарында же кандайдыр бир пунктунда туруп, өз мамлекетинин жана анын жарандарынын мүдөөсүн, кызыкчылыгын жактоочу өкүлчүлүгү, кызмат адамы. *Кат «Россиянын Кулжадагы консулуна» деп жазылган* (Элебаев). *Кыргызстандын Түркиядагы консулу.*

**КОНСУЛДУК** **консул** дегенге таандык. *Консулдук кызмат. Консулдук укуктар. Консулдук өкүлдөр.*

**КОНСУЛЬТАНТ** Өз адистиги, билгендери боюнча башкаларга кеңеш берүүчү адам.

**КОНСУЛЬТАТИВДИК** Кеңеш берүүчү, кеңеш берүү укугундагы. *Консультативдик орган.*

**КОНСУЛЬТАЦИЯ** 1. Белгилүү бир маселе боюнча адис адамдар тарабынан берилген кеңеш. *Консультация алуу. Врачтын консультациясы.* ‖ Окуучулардын, студенттердин сабакты өздөштүрүүсүнө жардам кылуу иретинде мугалим тарабынан өткөрүлгөн кеңеш же атайын уюштурулган сабак. 2. Адистиги бар адамдардын кеңеши аркылуу кандайдыр бир маселе боюнча түшүнүк берип туруучу, жардам кылуучу атайын мекеме. *Юридикалык консультация. Аялдар консультациясы. Балдар консультациясы.*

**КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК** **консультация** дегенге таандык. *Консультациялык мекеме. Консультациялык бөлүм. Консультациялык кеңешме.*

**КОНТЕЙНЕР** Жүктөрдү темир жол, суу унааларына салып ташууга ылайыкталып жасалган чоң үкөк түспөлүндөгү буюм.

**КОНТЕКСТ** Тексттеги колдонулган сөздөрдүн же айрым фразанын маанисин түшүнүүгө мүмкүн болчудай тыянактуу, так берилген сүйлөмдөр, жазуу речинин айрым бөлүгү.

**КОНТИНГЕНТ** 1. Кандайдыр бир мамиледе (тармакта) бир тектүү топту, категорияны түзүүчү адамдардын жыйындысы. *Куруу-*

*чу жумушчулардын контингенти.* 2. Бир мамлекеттен башка мамлекетке алып чыгыла турган кандайдыр бир өндүрүмдүн лицензия жолу менен өкмөт тарабынан орнотула турган акыркы нормасы. 3. Кургактыктын океан менен курчалган негизги, ири бөлүктөрүнүн бири, материк.

**КОНТИНЕНТАЛДЫК** 1. **континент** дегенге таандык. *Континенталдык өлкөлөр. Континенталдык дарыялар.* 2. Континент бетине жайгашылган. *Континенталдык Европа.*

**КОНТИНЕНТАЛДЫК КЛИМАТ** Деңизден алыс орношкон, жайы ысык, кургак келип, кышы суук болгон жерлердин климаты, кургакчыл келген климат.

**КОНТОРА** Көбүнчө чарбалык, финансылык мекемелердин, ишканалардын административдик-канцелярдык бөлүмүнүн же айрым бир мекеменин наамы жана ошондой бөлүм же мекеме орношкон имарат, үй. *Байланыш конторасы. Акбар менен Сулай колхоз башкармасынын конторасын көздөй кетишти* (Убукеев).

**КОНТР** «Контр сокку», «контр чабуул» сыяктуу татаал сөздөрдүн курамында болуп, экинчи бөлүгүнүн түшүнүгүнө карама-каршы маани билдирүүчү сөз, ушундай татаал сөздөрдүн башкы бөлүгү. *Эмне дейт бу контр?* (Абдукаримов). *Эстүү кишиден чочулап, контрлар Марфанын көзүн тазалашты* (Сасыкбаев).

**КОНТР-АДМИРАЛ** Согуш иштериндеги адмиралдык кенже наам жана ушундай наамы бар адам.

**КОНТР-АДМИРАЛДЫК контр-адмирал** дегенге таандык. *Контр-адмиралдык наам.*

**КОНТРАБАНДА** 1. *экон.* Бажылык мыйзамдарды бузуу менен мамлекеттик чек ара аркылуу мыйзамсыз алып келген товарлардын жыйындысы. 2. *өт.* Тыюу салынган, жашыруун алып кете турган, башка бир нерсенин чүмбөтү астында, уурдап, жашыруун иштеле турган иш.

**КОНТРАБАНДАЛЫК** Контрабанда жолу менен болгон, ошого таандык. *Контрабандалык өндүрүм.*

**КОНТРАБАНДАЧЫ** Контрабандалык ишке киришүүчү.

**КОНТРАБАНДИСТ контрабандачы** менен бирдей.

**КОНТРАБАС** Өтө басыңкы үн чыгарган, бирок көлөм жагынан чоң келген, кылдуу музыкалык аспап.

**КОНТРАКТ** *к.* **келишим I.**

**КОНТРАКТАЦИЯ** 1. Бир нерсени белгилүү мөөнөткө, шартка ылайык алуу же пайдалануу үчүн контракт түзүү. 2. Совет мезгилиндеги өндүрүштү уюштуруу, айыл чарба азыктарын даярдоодо кенири пайдаланылган келишимдин түрү (Эгерде белгилүү өлчөмдөн ашык кармалган мал болсо, анын баасы эки эсе аз баа менен мамлекетке өткөрүлүп берилген). *Эгинди контракция кылуу.*

**КОНТРАМАРКА** Театрда, циркте ж.б. көрсөтүлгөн оюндарга акысыз кирүүгө мүмкүндүк берүүчү атайын маалымкат, талон. ‖ Театр залынан убактылуу тышка чыккан көрүүчүлөр кайра кирүүгө акылуу экендигин күбөлөндүрүүчү атайын кагаз же башка шарттуу белги.

**КОНТРАСТ** 1. Сүрөттөгү, картинадагы жарык менен башка өңдүн бири-биринен кескин айырмаланган көрүнүшү. 2. Жалпы эле кескин айырмалуулук, карама-каршы келген көрүнүш.

**КОНТРАТАКА** Душмандын атакасын кайтаруу же ага карай чабуулга өтүү үчүн коргонуучулар тарабынан жүргүзүлгөн каршы атака. *Экинчи эшелон контратакага көтөрүлгөнү жатат* (Жапаров).

**КОНТРИБУЦИЯ** Жеңген мамлекеттин пайдасына жеңилген мамлекет тарабынан төлөнүүчү акча. ‖ Басып алынган жерлердеги калктардын баскынчыларга төлөөгө тийиш болгон акчалай же мал-мүлк, эгин ж.б. түрүндөгү чыгымы.

**КОНТРИБУЦИЯЛЫК контрибуция** дегенге таандык. *Контрибуциялык төлөө.*

**КОНТРОЛЛЕР** Электр кыймылдаткычынын ишин жөнгө салып, тейлеп туруу үчүн трамвайларда, троллейбустарда, электровоздордо ж.б. колдонулуучу жабдык.

**КОНТРРАЗВЕДКА** Душмандын агентуралык чалгынчыларына, шпионаждык, ди-версиялык, иштерине ж.б. каршы күрөшүүчү уюм.

**КОНТРРЕВОЛЮЦИОНЕР** Контрреволюцияга катышуучу, аны жактоочу.

**КОНТРРЕВОЛЮЦИЯ** Кулатылган эски бийликти кайрадан орнотууга аракеттенип, өнүгүп, күч алып бараткан же жеңишке ээ болуп, жаңы бийликти орноткон революцияга каршы күрөш. *Контрреволюцияны жоюу. Контрреволюцияга каршы күрөш жүргүзүү.*

**КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЛЫК** Революцияга каршы багытталган, ага карама-каршы, кастык, келишпөөчүлүк идеяда турган. *Контрреволюциялык уюмдар. Контрреволюциялык партиялар.*

**КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ** Революцияга каршы күрөш жүргүзүүчү, контрреволюцияны жактоочу, ага катышуучу.

**КОНТУЖИН БОЛУУ** *суйл. сейр.* Нерв системасына доо кетүү. *Нурбай контужин болуп, армиядан биротоло бошоптур* (Баялинов).

**КОНТУКТА** Өз унаасын аяп, багууга (кароого) берилген бирөөнүн унаасын минип арытуу, бирөөнүн унаасын иштетүү.

**КОНТУКЧУ** Бирөөнүн унаасын контуктаганды жакшы көргөн, өз унаасына, малына аёо кылып, бирөөнүкүн иштеткен адам. *Контукчу бай.*

**КОНТУР** Нерсенин сырткы сөлөкөтү,

сырткы көрүнүшү. Нерсенин сырткы түзүлүшүнүн графикалык түрдө көрсөтүлүшү, сүрөттөлүшү. *Баштын контуру.*

**КОНТУРДУК КАРТА** Кургактыктын жана суунун (океан, деңиз, дарыялар) аттары көрсөтүлбөй, сүрөтү (контур) гана сызылган географиялык карта.

**КОНТУРДУК** Контур түрүндөгү, контур сыяктуу. *Контурдук сүрөт.*

**КОНУС** 1. *геом.* Түз жактуу үч бурчтук өзүнүн бир катетинин тегерегинде айлануудан пайда болуучу геометриялык тело. *Конустун каптал жак бети.* 2. Формасы жагынан ушул геометриялык телого окшогон нерсе.

**КОНУУ** **кон** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНУШ** 1. Эл келип коно турган, айыл отурган, жай алган жер. *Элибиздин конушу Эркин тоонун арасы* («Жазгыч акындар»). *Эки, үч күн жатмак болушту, Ыңгайлуу конуш табышып* (Үсөнбаев). *Атка жайлуу түзөңдү, Конуш кылып алалы* («Эр Табылды»). 2. Үй тигиле турган жер, үйдүн орду. *Бешалты киши конуш түзөп жатат* (Жантөшев).

**КОНУШ ЖАЙЛУУ БОЛСУН** Журт которгон же жаңы үйгө кирген адамга карата жакшы тилек, каалоо иретинде колдонулат.

**КОНУШ ЧАЛУУ** Тигилүүчү боз үйдүн ордун белгилөө, табуу.

**КОНУШТА** Конуш кылуу, конуш алып жайлануу. *Жазы-кышы конуштап Жан жыргатчу жер экен* (Үсөнбаев).

**КОНУШТАН** **конушта** этишинин өздүк мамилеси.

**КОНУШТАНДЫР** **конуштан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОНУШТАШ** Бир конушта, бир жерде жашаган, конушу бир.

**КОНУШТУУ** Конушка ылайыктуу, эл көп конгон, конуш алган.

**КОНФЕДЕРАЦИЯ** 1. Кандайдыр бир уюмдун союзу, бирикмеси. *Эмгекчилердин бүткүл дүйнөлүк конфедерациясы.* 2. Өз алдынчалыгын сактап калып, жалаң гана өздөрүнүн кээ бир аракеттерин, адатта тышкы саясий жана согуштук иш-аракеттерин координациялоо үчүн бириккен мамлекеттердин союзу. *Латын Америкасынын эмгекчилеринин жалпы конфедерациясы.*

**КОНФЕРАНС** Сахнада программадагы номерлерди жарыялоо жана комментарий берүү.

**КОНФЕРАНСЬЕ** Эстрадалык концерт-терде, оюн-зоокттордо (шоуларда) программадагы номерлердин арасында өзүнүн оюн-тамашасын көрсөткөн жана кезектеги аткарылуучу номерди жарыялап туруучу артист. *Конферансье кулактандыра электе эле, ал оңдонуп отуруп, комузунун кулагын толгоду* (Каимов).

**КОНФЕРЕНЦ-ЗАЛ** Салтанаттуу отурум, конференция өткөрүлүп туруучу зал. *Академиянын конференц-залы.*

**КОНФЕРЕНЦИЯ** Белгилүү бир маселени талкуулоо, чечүү үчүн мамлекеттик, коомдук, илимий ж.б. уюмдардын өкүлдөрү тарабынан өткөрүлүүчү жыйналыш, кеңешме. *Ч.Айтматовдун 80 жылдык маарекесине арналган конференция. Тынчтыкты жактоочулардын эл аралык конференциясы. Мугалимдердин конференциясы. Илимий конференция.*

**КОНФЕТТИ** Балда, маскарадда адамдар бири-биринин үстүнө чачыша турган ар түрдүү түстөгү кичине тегерек кагазчалар.

**КОНФИДЕНЦИАЛДЫК** Ачыкка чыгарууга, жарыялоого жатпай турган, жашыруун.

**КОНФИСКАЦИЯ** Бирөөнүн мүлкүн мамлекеттин токтому боюнча, мамлекеттин пайдасына алуу.

**КОНФИСКАЦИЯЛА** Конфискация жүр-гүзүү, конфискация кылуу. *Матынын бардык үй мүлкүн жана малы менен жерин конфискациялагыла* (Жантөшев).

**КОНФИСКАЦИЯЛОО** **конфискацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**КОНФЛИКТ** 1. Карама-каршы тараптардын, пикирлердин, күчтөрдүн кагылышы, олуттуу келише албастык, катуу талаш-тартыш. 2. *адаб.* Көркөм чыгармада берилген бири-бирине карама-каршы эки идеянын, пикирдин ортосундагы каршылыктын жогорку формасы. 3. Эл аралык мамилелердин татаалданышынан улам пайда болгон келишпөөчүлүк, кээде куралдуу кагылышка чейинки жеткен катуу карама-каршылык. *Согуштук конфликт. Эл аралык конфликттерди жөнгө салуу.*

**КОНФОРМИЗМ** *саяс.* Негизги идеяларга, көз караштарга, пикирлерге өз ичинен каршы болсо да кошулуу, ыңгайлашуу.

**КОНФРОНТАЦИЯ** *саяс.* Карама-каршы коюу, эл аралык абалдын курчуган мезгилин, бир держава экинчи державага карама-каршы турган кезди билдирүү үчүн колдонуучу термин.

**КОНФУЦИЙЧИЛИК** *филос.* Байыркы Кытайда пайда болуп, анын рухий маданиятына, саясий турмушуна жана коомдук өнүгүшүнө эки миң жылдан көбүрөөк таасир тийгизген этикалык саясий окуу.

**КОНЦЕНТРАТ** Ныкталган, кургак даяр тамак-аш азыгы.

**КОНЦЕНТРАЦИЯ** Бир нерсенин чогултулган, бириктирилген тобу, топтоштурулган абалы.

**КОНЦЕПТУАЛДУУ** Кандайдыр бир нерсенин концепциясы менен байланыштуу, концепцияга мүнөздүү, белгилүү бир концепцияны камтыган.

**КОНЦЕПЦИЯ** 1. Кандайдыр бир кубулушту, нерсени тигиндей же мындай деп талдоодон, иликтөөдөн келип чыккан түшүнүк, көз караш. *Илимий концепция.* 2. Чыгарманын, кандайдыр бир илимий эмгектин негизги идеясы, маңызы.

**КОНЦЕРН** Каржы маселелери бириктирилген капиталисттик ишканалардын монополисттик бирикмеси.

**КОНЦЕРТ** 1. Белгилүү программа боюнча музыкалык чыгармаларды, ырларды, балеттик, эстрадалык ж.б. номерлерди көрүүчүлөргө аткарып берүү, көрсөтүү формасы, аткарылышы. *Симфониялык концерт. Бүгүн корутунду концерт – кыргыз элинин ырлары менен күүлөрү акыркы сындан өтмөк* (Каимов). 2. Оркестрдин коштоосу менен бир аспап аркылуу аткарыла турган ири музыкалык чыгарма. *Скрипка үчүн концерт. Фортепиано менен оркестр үчүн жазылган концерт.*

**КОНЦЕРТАНТ** Концерт берүүчү же концертке катышуучу артист.

**КОНЦЕРТМЕЙСТЕР** 1. Музыка ойноп жаткан оркестр катышуучуларынын (музыканттардын) жетекчиси. 2 Симфониялык же опералык оркестрдин солисти. 3. Ырдоочу артист менен кошо партияларды үйрөнүүчү пианист-аккомпаниатор.

**КОНЦЕРТТИК** 1. **концерт** дегенге таандык. *Концерттик программа.* 2. Концерт угуучу көпчүлүккө арналган концерт убагында аткарылуучу. *Концерттик музыка. Концерттик номерлер.*

**КОНЦЛАГЕРЬ** Концентрациялык лагерь.

**КОНЧ** Бут кийимдин апкыттан өйдөкү бөлүгү. *Адыл өтүгүнүн апкытын кармап, essкончун чоюп койду* (Жантөшев).

**КОНЧТУУ** Кончу узун, кончу бар. *Кончтуу өтүк. Кончтуу чокой.*

**КОНЬКИ** Бут кийимге кадап же байлап алып, муз үстүндө жылгаяк тебүүгө ылайыкталып жасалган кырдуу темир. *Коньки тебүү. Буттарына ар бири Коньки байлап алышты* (Осмонкул).

**КОНЬЮНКТУРА** 1. Кандайдыр бир нерсеге таасир этүүчү абал, шарт, жагдай, ситуация. *Эл аралык коньюнктура. Саясий коньюнктура. 2. экон.* Товардык чарбанын абалын мүнөздөөчү белгилердин жыйындысы (баанын жүрүшү, баалуу кагаздардын курсу, чыгарылган продукциянын өлчөмү ж.б.) *Чарба коньюнктурасы.*

**КОНЬЮНКТУРАЛЫК** **коньюнктура** дегенге таандык. *Коньюнктуралык баалар.*

**КОНЬЯК** Жүзүм виносунан тартылган жана көпкө сактап күчүнө келтирилген күчтүү спирт ичимдиги.

**КОҢ** Сан эт.

**КОҢ КАРГА** Башка каргаларга караганда чоңураак келген кара түстүү канаттуу. *Учар куштa коң карга миң жашаган.*

**КОҢГУРА** Ачык эмес, күңүрт үн чыгаруу. *Коңгурап ыйлап эр Төштүк, Кол алышып турду эми* («Манас»).

**КОҢГУРОО** 1. Металлдан конус сыяктуу формада жасалып, ички көңдөйүндө термелип кагып туруучу тили бар, шыңгыраган дабыш чыгаруучу буюм. *Коңгуроо кагылып, кечки тамакка чакырды* (Ашубаев). *Бир аздан кийин станциядан коңгуроо чалынып, анын артынан созолонгон ачуу ышкырык чыкты* (Абдукаримов). 2. Үн сигналын берүү үчүн атайын жасалган жабдык. *Электр коңгуроосу.*

**КОҢГУРООДОЙ** Шаңкылдаган ачык, уккулуктуу (үнгө карата). *Коңгуроодой жаңырган, Үнүмдү алдың карылык* (Тоголок Молдо). *Коңгуроодой шаңкылдаган добушуң Созолонсо күнчүлүктөн таанымал* (Элебаев).

**КОҢГУРООЛУУ** 1. Коңгуроосу бар, коңгуроо тагылган. *Коңгуроолуу көк жеке, Ок кеспеген бек жеке* («Манас»). 2. Коңгуроодой, коңгуроонун үнүндөй ачык, уккулуктуу. *Чаргын бек-бек унчукту эле, коңгуроолуу бийик үнү башкаларды басып кетти* (Сыдыкбеков). *Сейитованын коңгуроолуу мукам үнү кандайдыр сүйкүмдүү угулду* (Сыдыкбеков).

**КОҢГУРООЧУ** Коңгуроо кагуучу. *Коңгуроочу аял колундагы коңгуроосун какты* (Баялинов).

**КОҢКОЙ** Чоң, эби-сыны, келишими жок болуп көрүнүү, каңкаюу. *Омор берендей коңкоюп, Сабыр жакка бурулду* (Сыдыкбеков). *Асанбек – албырлуу, мурду коңкойгон, көзү чүңүрөйгөн, маңдайы жазык сары киши* (Жантөшев).

**КОҢКОЙТ** **коңкой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОҢКОЮУ** **коңкой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОҢКУЛДАК** **тоңкулдак** менен бирдей.

**КОҢОЛ** Чөп өсүмдүгү. *Кара кыяк коңолу, Үйдүн жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**КОҢОРЧОК** Тикендүү бадал өсүмдүгүнүн бир түрү.

**КОҢТААЖЫ** Кандын уулу, акимдин баласы. *Коңтаажы ээн жер, ээн элге келип, Чүйдүн башы Кеминден орун алган* (Тоголок Молдо).

**КОҢТОР** Бир нерсени экинчи бетине, астын үстүнө каратып оодаруу, каңтаруу. *Таштарды коңторуп чыгып, айдоо аянтынан алыс алып барып таштадык* («Ала-Тоо»). *Боз үйдү коңторуп кеткидей катуу шамал деле боло койбос* «(Чалкан»).

**КОҢТОРМО** Тоңдурма, жайында-күзүндө айдап, кышында тоңдурулган жер. *Коңтормодо ным, отоо чөп, өсүмдүк зыянкечтери, өсүмдүктүн илдет козгогучтары жоголот, эрте жазда айдоо-себүү иштери жеңилдейт.*

**КОҢТОРТ** **коңтор** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОҢТОРУЛ** **коңтор** этишинин туюк мамилеси.

**КОҢТОРУУ** **коңтор** этишинин кыймыл атоочу.

**КОҢТОРУШ** **коңтор** этишинин кош мамилеси.

**КОҢУЗ** Канатынын сырты катуу кабыкча менен капталган, курт-кумурскалар түрүнө кирүүчү майда жандык. *Дубалдын түбүндө майда кызыл коңуздар жайнайт* (Сыдыкбеков).

**КОҢУЛ** 1. Тоо боорлорундагы же этектериндеги, кокту-колоттордогу өңчөй далдоо жер. *Коңул географиялык энчилүү ат катары да кездешет: Сары-Жаз кырка тоосунун түндүк капталындагы өрөөн, суу, мөңгү – Коңул-Суу деп аталат.* 2. Бир нерсенин астындагы, боорундагы көңдөйчө, кобул. *Ээрдин коңулу. Чакчыгай таштын коңулунан чыга калды* (Токомбаев).

**КОҢУЛДА** **коңултакта** менен бирдей. *Күмүш бир нерсеси жетпегендей коңулдап турду* (Байтемиров).

**КОҢУЛТАК** Чулгоосуз, байпаксыз. *Анархан кепичин коңултак кийип, сыртка чыкты* (Жантөшев). *Бакыт коңултак кийген өтүгүн силкип чечти.*

**КОҢУЛТАКТА** Жалгызсыроо, ээнсирөө, бир нерсеси жетишпегендей болуп туруу, бир нерсени жоктоп, ойлоп санаасы тынбоо. *Кеч киргенден бери алар абдан коңултактап, ээнсирешти* («Ала-Тоо»). *Сапар менен Түгөлдөн бөлүнүшкөн биринчи күнү Шарип эки бөйрөгү эңшерилип калгандай коңултактады* (Бейшеналиев). *Сабыр абдан коңултактап, партанын быягына бир, тыягына бир чыгат.*

**КОҢУЛЧА** Кичинекей коңул, көңдөйчө. *Плевралардын ортосунда коңулча болот* («Ден соолук»).

**КОҢУЛЧУЛ** Коңулда, далдаа жерде жашынып жашаган, тиричилиги ошого ылайыкташкан. *Теке – тоочул, коён – коңулчул* (макал).

**КОҢУР** 1. Кара күрөң түс. *Дайым жылаңбаш жүрүп күнгө күйгөн коңур чачтары жылтырай түшту* (Байтемиров). *Койчунун коңур күрөңүн Токутуп Жакып миниптир* («Манас»). 2. Салкын, мелүүн, күндүн илеби кайтып калган. *Коңур жел беттен сылай жүрүп турду* («Ала-Тоо»). *Коңур күздө айдоо аянтын сугаруу иши аяктап калат* («Ала-Тоо»). *Тоодон коңур жел сокту* (Айтматов). *Коңур күздө Керимкул кечкурун айылга түштү* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Жоош, салмактуу, бир мүнөз. *Дүйшөнкул жаш кезинен эле коңур, жоош, бирөөгө жамандык ойлобогон жигит эле* (Бөкөнбаев).

**КОҢУР МЫРЗА** Бүркүттүн бир түрү.

**КОҢУР ҮН** Ичке эмес, жоон эмес, орто чыккан үн. *Кимдир бирөөнүн коңур үнү Каныбектин жанынан эле угулду* (Жантөшев).

**КОҢУР ЧЕЧЕН** Угумдуу, жакшы сүйлөгөн сөзмөр, чечен.

**КОҢУРСУ** Сасык, күйүк, куйкум жыттануу, каңырсуу. *Мурдума коңурсуган бир жыт келет* (Баялинов).

**КОҢУРСУК** Коңурсуган, сасык жыттанган. *Коңурсук жыт.*

**КОҢУРСУТ** **коңурсу** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОҢУРСУУ** **коңурсу** этишинин кыймыл атоочу.

**КОҢУРУК** Уктаган кишиден кор-кор этип чыккан дабыш. *Бир кемпир коңурук тартып уктап жатат* (Жантөшев). *Кошойдун коңуругу токтоло калды* (Токомбаев).

**КОҢШУ** 1. Айлы, үйү турган жери жанаша, бири-бирине жакын, кошуна. *Коңшу айыл. Коңшу үй.* ‖ Кошуна жашаган адам, кошуна кишилер. *Артазак өзүнүн коңшусу менен бир кыйла дурус мамиледе болуучу* (Абдукаримов). 2. *тар.* Бай, оокаттуу кишиге жакын жашап, ага көз каранды болуп күн өткөргөн кедей, кембагал адам. *Бириң коңшу, бириң малай, Бириң кулдай жүрдүңөр* (Токомбаев).

**КОҢШУ-КОЛОҢ** Бир айылда же бири-бирине жакын, кошуна жашаган адамдар. *Кыйкырган бойдон коңшу-колоңго кабар бердим* (Абдукаримов). *Анын тегерегиндегилер – агайын-туугандарынын жана коңшу-колоңдорунун үйлөрү* (Каимов).

**КОҢШУЛАШ** Бири-бирине коңшу, айылдаш, кошуна. *Коңшулаш турган адамдар. Коңшулаш айылдар. Коңшулаш өлкөлөр.*

**КОҢШУЛУК** Коңшуга таандык, коңшу абалында болгон, кошуналык. *Коңшулук кылып, бир ишке жара* («Чалкан»).

**КОО** 1. Эки жагы бийик, ортосу чуңкур, ой жер, аң. *Жылдызкандын үйүнүн түштүк жагында чоң коо бар* (Байтемиров). *Ээн жатчу коолору, Эми эмгектин борбору* (Осмонкул). 2. Малга жем, туз берүү, суу алып өтүү үчүн жумуру жыгачтан оюп же тактайдан аштап жасалган аштоо. *Жумуру жыгачтан кош коо жасалган* (Жантөшев). *Карагайдан коо кылып, Таза суудан салдырып* (Тоголок Молдо). 3. Мал үчүн жасалган кашаа, тосмо. *Коо кармоо. Жылкынын коосу.*

**КОО БУЗГАН КҮЛҮК** Ашкан, мыкты, чыгаан күлүк.

**КООГА** Чыр-чатак, уруш-талаш, жоболоң. *Эртеден кечке дөөрүп коога болот турбайбы* («Эл адабияты»). *Кийинки күндөрдөгү коога, кайгы убайымдын баарын Ашыр унутуп койгондой* (Сасыкбаев). *Чоңоюп адам болгонуңарда да силердин коогаңардан кутула албас болдум* (Абдыраманов).

**КООГАДАЙ** Караандуу, калдайган, чоң көрүнүштө болгон. *Менин коогадай болуп, араң эле башым калган* («Ала-Тоо»).

**КООГАЛАҢ** **коога** менен бирдей. *Самардын өз санын өзү чапкылап аябай айкырганын балдардын баары көрүшкөн, бирок аны коогалаңга түшүргөн эмне экенин түшүнүшпөдү* (Таштемиров). *Жылкычыларга коогалаң түшүп, бат басылды.*

**КООГАЛУУ** Чыр-чатактуу, уруш-талаштуу, жоболоңдуу. *Коогалуу ой. Коогалуу окуя.*

**КООДУРА** Куудуроо, куудурап туруу.

**КООДУРАТ** **коодура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООЗ** 1. Көрүнүшү адам кызыккыдай, жагымдуу, көрктүү. *Бут кийимдин бекем болушу менен бирге, кооз болушу да керек* (Сасыкбаев). *Чакчыгай кооз көпөлөктөрдүн бирөөнү илип кетти* (Токомбаев). *Кооз гүлдүү, бакшактуу чарбакты аралап жүрдүк* («Ала-Тоо»). 2. Жагымдуу, уккулуктуу, көркөм. *Акындарга жол болду, Үлгүлүү кооз ырлары* (Осмонкул). *Атыр жел менен созулуп Ак куулар кооз үн салган* (Осмонкул)

**КООЗ БОЛУУ** Оңтойсуз жатуудан мойну ооруп, туура бурула албай калуу. – *Кайдан келдиң, балам? – деп, кооз болгон адамча бурулуп, Алымга карады* (Жантөшев).

**КООЗДО** 1. Кооз кылуу, жасалгалоо, көркөмдөө, түрлөө, сонундоо. *Кооздоп ёлка жасадым Сайранда, эркем, сайранда* (Бөкөнбаев). *Кыштак ичин кооздоп, Кырка тиккен талы бар* (Осмонкул). *Эмгектен тапкан орденин, Кооздоп турат төшүңдү* (Осмонкул). 2. Кулакка уккулуктуу, жагымдуу кылуу. *Кыяктай үнүн кооздоп, Кызыл тилин кайраган* (Осмонкул). *Кубулжутуп сөзүңдү, Кооздойсуң, Элдияр!* («Эр Табылды».)

**КООЗДОЛ** **кооздо** этишинин туюк мамилеси.

**КООЗДОН** **кооздо** этишинин өздүк мамилеси.

**КООЗДОО** **кооздо** этишинин кыймыл атоочу.

**КООЗДОТ** **кооздо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООЗДУК** Кооз көрүнүштө болгон сулуулук, көркөмдүк, келишимдүүлүк. *Колхоздун клубунун кооздугу, жасалгалуулугу көрүүчүлөрдүн көңүлүн бурду* («Ала-Тоо»). *Тоолуу жаратылыштын укмуштуу кооздугуна Ниязкулдун кумары канчу эмес* (Абдумомунов).

**КООК** 1. *эск.* Күнөөлүү адамды же душманды жазалоодо башына кийгизилүүчү тери, шире. *Башына коок капталып, Мойнуна зоолу салынып* («Манас» С.К.). *Башына коок кийгизип, Эсенканга баралык* («Манас»). 2. Кылмыштуу адамдын мойнуна кийгизилген тактай моюнтурук.

**КООЛА** Бийик, калың болуп өсүү. *Айлана-тегерегин коолаган алабата, уйгак басып, алардын арасында аркандалган музоолор жүрчү эле* (Айтматов).

**КООЛДО** 1. Ээн, ачык, бош болуп туруу. *Кабыл канчалык кымтынса да, колдойгон кийиз этине жолобой коолдоп, аяз ыркырайт да турат* (Элебаев). 2. Орду толбогонсуп, бир нерсе жетишпегенсип сезилүү. *Иним, биздин жаныбыздан чыкпачы! Сен кетсең эле бир нерсебиз кемигенсип коолдоп калат экенбиз* (Каимов).

**КООЛУ** *эск.* Токтом, чечим. 1920-жылдары колдонулган термин. *Ошол кезде калпанын Коолу деген токтому. Турпандан келген качкынды, Тургузбай айдап соттоду* (Тоголок Молдо). *Көпчүлүктүн коолу менен бүткөн иши эле* (Абакиров). *Сөз токтоду, коолу кабыл алынды* (Токомбаев). *Азырынча Ташкентте калсын деген коолу болду* («Ала-Тоо»).

**КООМ** 1. Турмуштун конкреттик-тарыхый шарттарында биригип жашаган адамдар тобу. *Коомдун өнүгүшү. Коом жөнүндөгү илим. Коом зарыл Айтматовдун жардамы на, Эн тамга – аялдардын маңдайында* (Акматалиев). 2. Белгилүү бир доордогу тарыхый-экономикалык түзүлүш жана анын өзүнө ылайык келген бөтөнчөлүгү. *Алгачкы коом. Капиталисттик коом. Социалисттик коом.* 3. Теги, социалдык абалы, кызыкчылыгы ж.б. жактары боюнча белгилүү жалпылыкта болгон адамдар чөйрөсү. *Ак сөөктөр коому.* 3. Иши, милдети боюнча өз ара биргелешкен, чогуу аракетте болушкан адамдар тобу, уюм же мекеме. *Спорттук коомдор. Акционердик коом. Өрт өчүрүү, өрттөн сактоо коому. «Билим» коому. Жаратылышты коргоо коому.*

**КООМАЙ** Бошураак, калпысыраак, окчунураак. *Мен столдун жанындагы орундукка коомай отурдум. Сен бизге кошулбай коомай жүрөйүн деген экенсиң* («Ала-Тоо»). ‖ Чечкин эмес, жайбаракат, шашпаган абалда. *Бизге коомай карап койду да, ишин уланта берди* («Ала-Тоо»). *Кексе, карт жорулар коомай кыймылдап, айланасын карап сактанган болушат* (Токомбаев).

**КООМАЙЛА** Бир нерсени башкалардан окчунураак, алысыраак коюу, коомай абалда кылуу. *Алмаларды ар бирин коомайлап коюп чыктым.* ‖ Жакындабай, кошулбай, четтегенсип жүрүү, жатыркагандай көрүнүү. *Бири-биринен өтө эле коомайлаган эки жаштын таанышуусу бөтөнчө башталды* («Чалкан»). *Керим балдарга кошула албай, коомайлап турат.*

**КООМАЙЛАН** **коомайла** этишинин өздүк мамилеси. *Коомайландым чочуп кетип, Кемпир мени байкады* (Токомбаев).

**КООМАЙЛАТ** **коомайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООМАЙЛОО** **коомайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КООМАЙСЫ** **коомайсын** менен бирдей. *Ансыз да коомайсыган Асырандын чеке тери чыпылдап, бүткөн бою ысып, шашкалактады* («Ала-Тоо»).

**КООМАЙСЫН** Оңтойсузданууу, өзүн алыстатып, жатыраак сезип туруу, коомайлоо. *Кычан адеп кездешкенде кандайдыр коомайсына түштү* (Бейшеналиев). *Коомайсынбай, жакын барып учурашсаң боло* («Чалкан»).

**КООМАЙСЫНТ** **коомайсын** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООМАЙСЫНУУ** **коомайсын** этишинин кыймыл атоочу.

**КООМАТ** *дин.* Тик туруу, тик туруп намазга киришүү. *Кең Букарды карасаң, Азанчысы аркырап, Коомат айтып чакырып, Башына селде чалынып* («Манас»).

**КООМДОШ** Коомго биригүү, биргелешүү, ортолошуу. *Колхоз, совхоз мал өстүрдү, Коомдошуп бирлешип* (Осмонкул).

**КООМДОШТУР** Коомго, жалпыга ти-йиштүү кылуу, коомдук кылуу, коомго би-риктирүү. *Коомдоштурган чарба.*

**КООМДОШТУРУУ** **коомдоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**КООМДУК** Коомго таандык, коомго, жалпы элге тиешелүү. *Коомдук мүлк. Коомдук өнүгүш. Коомдук түзүлүш. Коомдук пикир.*

**КООМЧУЛУК** Коомдогу эл, көпчүлүк, кандайдыр бир коллективдин жалпы массасы.

**КООН** 1. Ашкабак түркүмүнө кирүүчү ири мөмөлүү бакча өсүмдүгү. *Бул жерде коон, дарбыз жана ашкабак көп эгилет* («Эне тил»). 2. Ушул өсүмдүктүн ширелүү, тоголок же сүйрү келген ири мөмөсү. *Кучагың жеткис чоң болсун, Тордомо коон, дарбызың* (Маликов).

**КООН ҮЗМӨЙ** Эки топко бөлүнүп, бирин-бири тартып ойноочу балдар оюну.

**КООП** Коркунуч, шек. *Кооп саноо.*

**КООП САНОО** Шектенүү, күнөм кылуу, шек саноо.

**КООПЕРАТИВ** 1. Биргелешкен, уюмдашкан мекеме. *Турак-жай кооперативи. Жолотпой бай-манапты титиретип, Ачылды бардык жерге кооператив* (Элебаев). *Өзүн-өзү тейлөөчү кооперативдерди ачып, буюмдарды сата башташты.*

**КООПЕРАТИВДЕШ** Кооперативге биригүү, кооперациянын негизинде уюшуу.

**КООПЕРАТИВДЕШТИР** **кооперативдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООПЕРАТИВДЕШҮҮ** **кооперативдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**КООПЕРАТИВДИК** **кооператив** дегенге таандык. *Кооперативдик мүлк. Кооперативдик ишкана.* ‖ Кооператив аркылуу аткарылуучу, ишке ашуучу. *Кооперативдик соода.*

**КООПЕРАЦИЯ** 1. Көпчүлүктүн бир же бир канча эмгек процесстеринде биргелешип иштеши үчүн түзүлгөн эмгек уюмунун өзгөчө формасы. 2. Мүчө болуп киргендердин – пайчылардын каражаттарына уюштурулган массалык өндүрүш, соода ж.б. бирикмеси. *Промыслолук кооперация. Керек-жарак кооперациясы. Майыптар кооперациясы.* 3. *сүйл.* Кооперативдик дүкөн, кооператив.

**КООПЕРАЦИЯЛАШТЫРУУ** Кооперацияга бириктирүү, кооперация уюштуруу.

**КООПСУЗ** Кооптуу эмес, коркунучсуз, шексиз. *Адамдын коопсуз учушу үчүн космос кемесин түзгөн окумуштууларга, инженерлерге жана жумушчуларга даңк! Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов).

**КООПСУЗДУК** Кооп санабагандык, кооптуу эместик. *Дүйнөдөгү өлкөлөрдүн улуу достугу тынчтыктын жана элдердин коопсуздугунун кебелбес сепили болуп саналат.*

**КООПСУН** **кооптон** менен бирдей.

**КООПСУНТ** **коопсун** этишинин аркылуу мамилеси.

**КООПСУНУУ** **коопсун** этишинин кыймыл атоочу.

**КООПТАЦИЯ** Шайлоочуларга кайрылбай шайлоо органынын курамына жаңы мүчөлөрдү киргизүү.

**КООПТОН** Кооп саноо, коопсунуу, чочулоо, коркуу, шек саноо. *Карабайдын бардык оюн сезген Абды кооптонуп, анын жүрүш-турушун аңдыды* («Ала-Тоо»). *Алымкул кетенчиктей берди да, кооптонгон түр менен атасы жакка карап койду* (Абдукаримов). *Шакир этияттана кооптонду* (Абдыраманов).

**КООПТОНУУ** **кооптон** этишинин кыймыл атоочу.

**КООПТУК** Коркунучтуу, кооптуу абал, чочугандык. *Эл арасында кооптук пайда болду.*

**КООПТУУ** Кооптонууга негизи бар, кооп санагыдай, коркунучтуу, шектүү. *Бул өтө кооптуу ээн адырлардан каракчылар да кездешет* (Абдукаримов). *Андрей өзүнүн командиринин кооптуу сөзүн дагы укту* («Ала-Тоо»).

**КООРДИНАТА** 1. Тегиздиктеги жана мейкиндиктеги чекиттин абалын аныктоочу чоңдуктардын бири. 2 Кандайдыр бир нерсенин же кимдир бирөөнүн жайгашкан жери жөнүндөгү маалымат.

**КООРДИНАЦИЯ** Өз ара айкашкандык, бири-бирине шайкеш келгендик, макулдашкандык.

**КООРДИНАЦИЯЛОО** Макулдашуу, байланыштыруу, бириктирүү

**КООРДИНАЦИЯЛЫК** **координацияга** таандык.

**КООРСУЗ** Каксыз, таза, толук. *Оорусу коорсуз айыкты.*

**КООШ** Жакындашуу, жакын болуу, туура келүү. *Бул айткандарың чындыкка коошобу? Адамга коошпогон кандай кокуйсуң!*

**КООШО** *туурасы:* **копшо.** *Колдорунун салаасы Коошоп койгон устундай* (Шүкүрбеков).

**КООШПОГОН КЕП** Чындыкка жакындабаган, айтылып жаткан кепке туура келбеген сөз.

**КООШТУР** **кооШ** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОП** Сын атоочтун копкоюу сыяктуу күчөтмө даражасын түзгөн бөлүкчө.

**КОПО** Сазга чыгуучу өлөң чөп. *Кара кыяк, копосу Уйдун жери – Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**КОПОЛ** *диал.* Олдоксон, эби жок, сылык мамилени, жымсалдап сүйлөгөндү билбеген. *Копол адам. Копол сүйлөө. «Өзүнүн securityкополдугун көрсүн» деди оюнда* (Жакыпбеков). *Бирөөнүн сөзү копол, ниети жакшы.*

**КОПОЛДОН** Копол мамиле кылуу, кополдугун көрсөтүү.

**КОПОЛДУК** Копол мүнөздүүлүк, одонолук.

**КОПУЛДА** Тынчсыздануу, тынчы кетүү, бушайман болуу, санааркоо. *Алыс болгондуктан самолетторду ажырата албай, биз копулдай баштадык* («Кыргызстан аялдары»).

**КОПУЛДОО копулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОПШО** 1. Кыймылдатып ордунан бошотуу, козголтуу, жылдыруу. *Толкуса тоголотот ташты копшоп* (Токтомушев). *Шарип түбүн копшоп, карды күрөй баштады* (Бейшеналиев). 2. Жонуп текшилөө, жылмалоо, тегиздөө. *Коёндой жону жумуру, Копшогондой туруму* (Токомбаев). *Акман кетменинин сабын копшоп тегиздеди* (Сыдыкбеков).

**КОПШОЛ копшо** этишинин туюк мамилеси.

**КОПШОО копшо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОПШОТ копшо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОПШУ копшо** менен бирдей.

**КОПШУТ I** Ойдун, чуңкур, ой жер. *Коңулунда коён бар, Копшутунда жылан бар* («Манас»).

**КОПШУТ II копшу** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОР I** Очоктогу, от жаккан жердеги чок аралаш ысык күл. *Талча чайды демдеп, очоктогу корго койду* (Байтемиров).

**КОР II** Бозонун бир нече күн салып, күчтүү ачытылышы, бир нече күн кордолушу. *Бозонун күчүн жетилткен, Корун кандай унуттуң?* (Токтогул).

**КОР III** Кем, кемчил, азап, шор. *Кор кылуу. Кор болуу. Кор саноо. Бир нерсенин корун тартуу.*

**КОР IV** 1. Уютку, негиз, түп. *Бар мактанса табылат, – Сабасында кору бар* (Калыгул). 2. Байлык, жыйган-терген мүлк. 3. Кам, даярдык. 4. Көп эл, жыйылган калк. *Туңша шаар, Кентунда Кытайдын төккөн кору бар* («Манас» С.О.).

**КОР V: кор-кор** Корулдаган, коркураган дабышты билдирүүдө колдонулуучу сөз.

**КОРАБЛЬ** 1. Ири деңиз кемеси. *Катуу жел согуп, тоодой толкундар келип, биздин кораблдерге соктугат* (Баялинов). 2. Абада, космосто учуучу татаал техникалык аппарат (самолёт, дирижабль ж.б.).

**КОРБАШЫ** *эск.* 1. Букара кандыгынын убагында курал-жабдык турган үйдү башкарган адам. 2. Падыша убагында жергиликтүү полициянын башчысы. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген корбашы* (Токтогул). 3. Түнкү күзөтчүлөрдүн башчысы. *Актаяк менен кор башы* («Манас» С.О.). *«Кор башылар кайда» – деп* («Манас» С.О.).

**КОРГО** Башка бирөөгө кол салдырбоо, тийгизбөө, кайтаруу, сактоо. *Калк коргогон эрлерди, Тосуп чыккан күн бүгүн* (Нуркамал). *Алтындай жанды коргогон Врачтар чыгат силерден* (Үсөнбаев). *Эч ким Шадыбекти коргор эмес* («Ала-Тоо»).

**КОРГОЛ I** Кой, эчки жана башка жаныбарлардын кумалагы, тоголоктошкон кыгы. *Койдун корголу. Эчкинин корголу. Чоңдугу төөнүн корголундай* (Сасыкбаев).

**КОРГОЛ II корго** этишинин туюк мамилеси.

**КОРГОЛО** Бир нерседен сактануу, жа-шырынуу үчүн далдаа жерге бекинүү, жашынуу. *Мырзалы бир таштын түбүнө корголоп, жамгырдын басылышын күттү* (Каимов). *Канаттуу кайкып уча албай, Бутага барып корголойт* (Токомбаев). *Кыргыйдан корголоогон таранчыдай болдук* («Ала-Тоо»).

**КОРГОЛОО корголо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРГОЛОТ корголо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРГОН I** 1. Коргонуу үчүн курулган сепил, чеп. *Жок болду жоо коргону, Дайым түткөн, чыдаган* (Үмөталиев). *Күмүш ооз чоң коргон Калаам эсен бар бекен* («Курманбек»). 2. Огородду, короо-жайды ж.б. айландыра курчаган тосмо дубал. *Кыштактын жакшы коргондорун ушул киши салган* (Абдукаримов). *Катар салган кирпичтен Казарманын коргону* (Осмонкул). 3. Мал киргизүү үчүн салынган короо. *Таптаза чоң коргондон, Төрт түлүк мал чубурду* (Барпы). *Коргонуңду бошотуп, Жылкыңды алды басмачы* (Барпы). 4. Мүрзөгө белги катары салынган же бейитти курчаган дубал. *Коргон термини өз алдынча да, башка географиялык аттардын курамында да Кыргызстандын бардык жеринде кездешет: Кошой – Коргон (шаар урандысы), Кош – Коргон, Коргон, Коргончу, Коргон – Дөбө ж.б.* 5. *өт.* Сакчы, тирек, коргоочу. *Жаш жигит жыйырма бирге жаңы толгон, Элине баралында болот коргон* (Шимеев). *Айланада жооң көп, Элге коргон болгула* (Токтогул).

**КОРГОН II корго** этишинин өздүк мамилеси.

**КОРГОНУУ коргон II** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРГОО корго** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРГООЧУ** Душмандын кол салуусунан сактаган, коргогон сакчы. *Ата мекенди коргоочулар.*

**КОРГОШ корго** этишинин кош мамилеси.

**КОРГОШУН** 1. Салмагы оор, жумшак, оңой эритиле турган кара көк түстөгү металл. 2. Ошол металлдан куюлган ок. *Майтары-*

*лып коргошун, Кайра сууга чуп этти* («Эр Табылды»). *Кан деп учат, жан деп учат коргошун* (Мидин).

**КОРГОШУНДАЙ** Салмактуу, оор басырык, сүйлөгөнү олуттуу (адамдын мүнөз сапатына карата).

**КОРГУЛ** **корум** менен бирдей. *Айланам үйгөн коргул таш Айлансам кайдан чыгасың* (Токомбаев). *Андан ары коргул болуп, коргулдун үстү жалама зоолуу аскага айланган* (Жантөшев).

**КОРДЕБАЛЕТ** *муз.* 1. Аял, эркек бийчилер коллективинин тобу менен бийди аткаргандар, б.а. балеттик хор. 2. Балет оюндарында топ-тобу менен бийлөөчү артистер.

**КОРДО I** *диал.* Күрүчтөн айран катыкталып жасалган көжө.

**КОРДО II** Кемтигин, айыбын же башка жактарын айтып кемсинтүү, шылдыңдоо, ызалоо. *Кордогон сөзгө Саматтын жүрөгү ого бетер куйкаланды* (Сасыкбаев). *Жабыгып жүрсө жигитти Жакырсың деп кордобо* (Токтогул).

**КОРДО III** Бозону же башка ичкиликти күчүнө келгиче кармап, улам жаңыртып, көрөңгүсүн көбөйтүп отуруп ачытуу. *Кордоп бозо салдыруу.*

**КОРДОЛ I** **кордо II** этишинин туюк мамилеси.

**КОРДОЛ II** **кордо III** этишинин туюк мамилеси.

**КОРДОЛУУ** Кордолгон, кордоп салынган. *Кордолуу бозо.*

**КОРДОО I** **кордо II** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРДОО II** **кордо III** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРДОО АЙТЫШЫ** *адаб.* Акындардын бири-бирин кордоп, мазактап, мыскылдап ырдашы.

**КОРДОО ЫРЛАРЫ** *адаб.* Кыргыз оозеки поэзиясындагы каада-салт ырларынын бир түрү.

**КОРДОР** Күң, кызматкер. *Сайкал менен Ак Каныш, кордор кылсаң болбойбу?* («Эл адабияты»).

**КОРДОТ I** **кордо II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРДОТ II** **кордо III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРДОШ** **кордо II** этишинин кош мамилеси.

**КОРДУК** Кимдир бирөөнү кор кылгыдай, кыйнагыдай азап, түйшүк, ыза. *Алымкул эч кандай кордукка, өзүн басынтууга, адилетсиздикке чыдачу эмес* (Абдукаримов). *Сактыкка кордук жок* (макал).

**КОРДУКТА** Кордук көрсөтүү, азапка салуу, ыза кылуу, ызалоо.

**КОРДУКТУУ** 1. Кордук көрсөтөр, азапка салар, түйшүк тарттырар. *Мындай кордуктуу балакет экенин кайдан билдим* («Чалкан)». 2. Кордук көргөн, азабы арылбаган, түйшүк тарткан. *Кутулуп келдим күнөөдөн, Колго түшүп жүдөгөн, Кордуктуунун бири мен* (Токтогул).

**КОРЕК I** *диал.* Пахтанын ачыла элек кутучасы.

**КОРЕК II** *диал.* 1. Азык заты, оокат, тоют. 2. Жашоо каражаты, тиричилик, күндөлүк оокат үчүн керектелүүчү нерсе.

**КОРЕНДИ** *диал. өт.* Жегич, жеп көнгөн. *Кадыркул этке башынан коренди болгон киши эмеспи. Ашыкпай бир жамбашты бычак менен абдан шылып ыракаттана берди* (Касымбеков).

**КОРЖОГОЙ** Сөөк-саактуу, арык жана узун бойлуу кишиге карата айтылат.

**КОРЖОЙ** 1. Коржогой көрүнүштө болуу, коркоюп туруу, каржаюу. *Чоң тору ат менен коржоюп кара жолдо бастырып, ара бөк калдым.* 2. Бой көтөрүү, менменсинүү, тоң моюндануу, тондоосундук кылуу. *Коржоюп турган чиркинди, Колкого тартып калды эми* («Семетей»). *Коржоё калган, Кыдырбай жалган күлгөн болуп койду* (Сыдыкбеков).

**КОРЖОЙТ** **коржой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРЖОҢ** Бойлуу, сөөк-саактуу бирөөнүн кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Элден беш чыны кымызды артык ичкен көрүнөсүң, коржоң-коржоң этесиң* (Сыдыкбеков).

**КОРЖОҢДО** Коржоң-коржоң этүү, коржойгон кебетеде болуу. *Коржоңдоп качтың сен неге, Конушуң Талас калкыңдан* (Токтогул). *Коржоңдогон жан калбай Кылым дөөнүн барысы Кыраан Манас көк жалга Каяшаяк бере албай* («Төштүк»).

**КОРЖОҢДОО** **коржоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРЖОҢДОТ** **коржоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРЖОЮУ** **коржой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРИДОР** Үйдүн, имараттын ички бөл-мөлөрүн кошуп турууга, адам өтүүгө, жүрүүгө ылайыкталып жасалган узун, кууш жай. *Мектептин коридору. Клубдун коридору. Окуу корпусуна кирсеңиз, коридордон ар түрдүү улуттун балдарын кезиктиресиз* («Кыргызстан аялдары»).

**КОРИФЕЙ** 1. Байыркы грек трагедиясындагы хор жетекчиси. 2. *өт.* Илимдин, искусствонун, адабияттын ж.б. эң көрүнүктүү, артыкча белгилүү ишмери, чебери. *Илимдин корифейи. Дүйнө адабиятынын корифейлери.* 3. Хордо алдыңкы ырчы, балетте, бий ансамблинде алдыңкы аткаруучу, бийчи.

**КОРК I** Чочуу, жалтануу, кооптонуу. *Батыш калтырап коркуп, азга эшик ачкан жок* (Байтемиров). *Корkконунан далай эл Калган экен жашынып* («Эр Табылды»). *Келбей коёбу деп корктуңбу* («Ала-Тоо»). *Коркпо өлүмдөн, Корkконго кош көрүнөт...*

(Гапаров). *Коркомун бөксө кеткен күндөрүмдөн, Коркомун бекер өткөн өмүрүмдөн* (Бегимкулова).

**КОРК II: корк этүү** *же* **корк-корк этүү** Коркулдаган дабыш чыгаруу, коркулдоо (мис, чочко).

**КОРКОГОЙ** Бою, мойну узун, арык. *Коркогой киши. Коркогой моюн.*

**КОРКОЙ** Сороюп бийик, узун болуп көрүнүү. *Коркоюп, түтүн чыкчу морулардай, Чыгышты карап турган замбиректер* (Үмөталиев). *Тышка чыксам тамынын эшигинен коркоюп Чотур көрүндү* (Касымбеков).

**КОРКОЙТ коркой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРКОК** Жүрөгү жок, кайратсыз, ыгы жок корко берме. *Жолдош болбо коркокко, Иш кылдырба чоркокко* (Токтогул). *Көз коркок, кол баатыр* (макал). *Мыктыларың чегингин, Коркокторуң бекингин* (Калмырза).

**КОРКОК БИЛИШ** Кандайдыр бир айыбын, кылмышын ачып коёбу, ал билинип калабы деп кимдир бирөөдөн чочулаган, батына албай тайсалдаган, ага көз каранды болгон абалга карата. *Кейпи коркок-билиш болуп калган жери болууга тийиш* («Ала-Тоо»). *Кымыз ташыгандай менин сага кандай коркок билиш жайым бар эле?* (Байтемиров). *Бакир атама коркок билиш болуп жүрдү* (Осмоналиев) .

**КОРКОКТУК** Курулай корко берүүчүлүк, коркок экендик, жүрөксүздүк. *Коркоктук кылып жалтанба, балам!* («Ала-Тоо»). *Эч качан кыйындыктан кайра качпа, Өзүңдү коркоктукка бекер сатпа* (Абдыраманов).

**КОРКОҢ: коркоң этүү** Корс этүү, оройлонуу.

**КОРКОНДО коркоң** менен бирдей.

**КОРКОНДОО коркондо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРКОНДОТ коркондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРКОР** Чылым чеккенде тамекинин түтүнү суу аркылуу өтүп, тазаланган жана тарткан сайын кор-кор этип турган Чыгыш элдеринин узун түтүктүү атайын канжасы.

**КОРКУЛДА** Корк-корк этүү, корк эткен дабыш салуу (көбүнчө чочкого карата айтылат). *Коркулдаган каманды камыш ичинен качырып суу ылдый кууп жөнөштү* («Ала-Тоо»).

**КОРКУЛДАК** 1. Корк-корк эткен, коркулдаган. 2. *өт.* Мүнөзү корс, орой.

**КОРКУЛДАТ коркулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРКУЛДОО коркулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРКУНУЧ** Кооптуулугу бар, корко тургандай шарт, коркконду к. *Алымдын көрүнүшү Анарханга коркунуч туугузду* (Жантөшев).

**КОРКУНУЧСУЗ** Корко тургандай абалда эмес, кооптуу деп эсептөөгө болбогон, коркунучу жок, коопсуз.

**КОРКУНУЧТУУ** Коркунучу бар, кооптуу, кооп санай тургандай. *Базарбек түнкү окуянын коркунучтуу элеси менен алышып келе жаткан* (Каимов). *Жолдун коркунучтуу жерине эми келдик го дейм?* (Жантөшев).

**КОРКУНЧААК** Жүрөгү жок, коркок, жалтаң, тартынчаак. *Кайратсыз адам коркунчаак* (Токтогул).

**КОРКУНЧАК** *туурасы:* **коркунчаак.**

**КОРКУРА** Кор-кор эткен дабыш чыгаруу, корулдоо. *Коркураган коңуругуңан адам уктай алгыдай эмес* («Ала-Тоо»). *Коркурап дөө жатканда, Конокбай жетип барды эле* («Эр Төштүк»).

**КОРКУРАК** Кор-кор эткен, коркураган.

**КОРКУРАТ коркура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРКУРАТМА: коркуратма чылым** *к.* **коркор.**

**КОРКУТ корк II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРКУУ корк** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРО I** Коромжу болуу, түгөнө баштоо, азаюу, ысырап болуу, жок болуу. *Айкөлүнүн казына, Арбыныраак корогон* («Манас»). *Курсагы тоюп малдардын, Коробой жакшы багылсын* (Осмонкул). *Төл кошулду төлүнө, Бир да башы коробой* (Үмөталиев).

**КОРО II** Дүмбүл мөмө, чала бышкан мөмө. *Зейнегүлдү алдап өрүктүн түбүнө отургузуп коёт да, Дурусбек анын башына чыгып, чөнтөгүнө кородон шыкай салып түшөт* (Атамкулов).

**КОРОГОЙ коркогой** менен бирдей.

**КОРОЗ** Тооктун эркеги. *Ак короз жыгачтын үстүнө чыга калып, бар үнүн салып созолонду* («Советтик Кыргызстан»).

**КОРОЗДОН** Бою-башын түзөп жагалдануу, сыланып-сыйпануу, мактануу, бой көтөрүү, кекирейүү. *Кайназар короздонуп, төбөсү көккө жеткендей боло түштү* (Жантөшев). *Бөрүбай молдо эки жагында олтур- гандарга короздоно карады* (Жантөшев). *Короздонуп кооз кийингенин көр* («Чалкан»).

**КОРОЗДОНУУ короздон** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРОЙ** Сороюп, коркоюп чыгып туруу, көрүнүп туруу. *Баатырлары бөлүнүп, найзалары короюп, Кол-колунда көрүнүп* («Сейтек»).

**КОРОЙТ корой** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРОК: корок этүү** Короюп, сороюп чыга калуу, көрүнө калуу.

**КОРОКТО** Корок-корок этүү, сорондоо. *Мылтыктары короктоп, Мергендер келди сороктоп* («Манас»). *Оттук ташы сороктоп, Найзанын учу короктоп* («Эр Табылды»).

**КОРОЛЬ** 1. Кээ бир феодалдык жана буржуазиялык мамлекеттердеги монархтын титулу жана ошол титулга ээ болгон адам. 2.

*өт.* Өнөр жайдын же сооданын кандайдыр бир тармагындагы монополист. *Нефть королу. Биржа королу.* 3. Шахмат оюнундагы эң башкы фигура.

**КОРОМЖУ** Ысырап болууга, короого учураган абал, ысырап, корогондук. *Түшүмдүн коромжу болушуна каршы күрөш кеңири жүргүзүлүп жатат.*

**КОРОМЖУЛА** Коромжу кылуу, ысырап кылуу, коротуу.

**КОРОМЖУЛУК** Коромжу болуу абалы, ысырап болгондук, коротулгандык.

**КОРОМЖУЛУУ** Коромжусу көп, көбүрөөк ысырап болгон, ысырапталган.

**КОРОМЖУСУЗ** Коромжусу жок, коромжуга учурабаган, ысырап болбогон. *Артель түшүмдү жыйноо жумуштарын өз убагында коромжусуз аяктады* («Кыргыз Туусу»).

**КОРОНДО** 1. Сорон-сорон этүү, сорондоо, короктоо. *Укуруk колдо короңдоп, уйгу-туйгу сороңдоп* («Биздин адабият»). 2. Бирөөгө чоңсунуп, орой мамиле кылуу, опурулуу. *Кедейлерди коркутуп, Короңдойсуң, бучугум* (Барпы).

**КОРОНДОО коронд̆о** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРОНДОТ корондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРОО I** 1. Дубал, тосмо менен курчалган үй-жай, чарбак. *Короо, үй кутуп не керек, Курбуң басып кирбесе* (Осмонкул). *Короо толо кыз-келиндер. Үй курчаган, жардангaн* (Бөкөнбаев). *Ар бир үйдүн короосунан отундарды көрөсүң* (Абдукаримов). 2. Мал киргизүү үчүн тосулган үстү ачык жай. *Нуруш короодогу койлорду дагы бир сыйра аралады* (Убукеев). *Күзүндө камдап албаптыр мал кирчү короо, тамдарын* (Үсөнбаев). 3. Малдын (кой, эчкинин) тобу. *Карасак бир короо кой көзгө түштү, Четинде кара жолдун түнөп жаткан* (Шүкүрбеков). *Бир нече короо кой селонун төшүндө жайылып жатты* (Убукеев).

**КОРОО II коро** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРООЛО** 1. Короо-жайды, чарбакты ж.б. короо салып тегерете курчоо, бир нерсе менен тосуу. 2. Айдын, күндүн айланасына алкак сыяктуу жарык, шоола пайда болуу. *Ай короолосо, аягыңды камда* (макал).

**КОРООЛОН короол о** этишинин өздүк мамилеси.

**КОРООЛОТ короол о** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРООЛОШ** Короосу, конушу, жайгашкан жери бири-бирине жакын, коңшу, короолору жанаша. *Колдон келсе короолош, Кошунаңды сыйлагын* (Осмонкул). *Мен силердик боломун, Короолош бирге кономун* (Тоголок Молдо). *Коюбуз болсун короолош, Ашыбыз болсун жоролош* («Сейтек»).

**КОРООЛУ** Таранчылардын тобуна кирүүчү эң кичинекей чымчык. *Коркуп качса кыргыйдан, Короолу кирет бүргөнгө* (Үсөнбаев). *Куркулдай менен короолу, Бурбай жечү коногу* (Тоголок Молдо).

**КОРООЛУУ** 1. Короосу бар, короо салынган, короолонгон. *Короолуу чарбак. Короолуу бак.* 2. Бир короо толгон, саны бир короолук болгон. *Сөөктү эттей чайнаймын, Короолуу койду айдаймын* (Шүкүрбеков).

**КОРООЧУ** Короого сак, корооону, үй-жайды мыкты кайтарган (итке карата). *Атабайдын ити бүгүн деле короочу болуп кетиптир* (Байтемиров). *Короочу иттердин анда-санда үргөнү болбосо, түн тынчтыкта* (Каимов).

**КОРОСОН** 1. Чечек оорусунун уусу. *Коросон арак суусуну* («Манас» С.О.). 2. Күчтүү. *Ага да алымсынбай кымыздан коросон ичип жатты* (Абакиров). 3. Өтө курч, абдан өткүр. *Коросон кылыч. Коросон оттук.* 4. Оттук таш, кээде жалпы эле оттук, куу сакталуучу атайын кутуча-кайыш баштык.

**КОРОСОН АТА** Элдик ишенимде: «чечек, кызылча» оорусунун ээси. *Кебете-кешпири өтө эле комсоо көрүндү: «Коросон ата» өз учурунда бут бетин куп келиштирген түрү бар* (Убукеев).

**КОРОТ коро** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРОЮУ корой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРПОРАЦИЯ** Бирикме, союз, коом. *Азыр коомдук корпорациялар – муниципалитеттер жана жекече корпорациялар – акционердик коомдор көп.*

**КОРПУС** 1. Механизмдин, жабдыктын, аппараттын негизи, жалпы тулкусу, кутусу. *Сааттын корпусу 2.* Кеменин бардык сырткы көрүнүшүн толук камтыган жалпы негизи, тулкусу. 3. Бир жайга, аянтка тургузулуп, жалпы деп эсептелген бир нече имараттын айрым бирөө, бир бөлүгү. *Негизги корпус. Университеттин корпустары.* 4. Бир нече дивизия же бригададан турган согуштук ири бирикме. *Аткычтар корпусу. Кавалериялык корпус.* 5. Белгилүү бир кесип, иш, кызмат абалы ж.б. боюнча өз ара бириигишкен адамдар тобу. *Дипломаттык корпус. Офицерлик корпус.*

**КОРРЕКТОР** Корректураны окуп, терүүдөн кеткен каталарды түзөтүүчү басмакананын же басманын кызматкери.

**КОРРЕКТУРА** 1. Басылып чыгып жаткан иштин терүүдөн кеткен каталарын оңдоо, түзөтүү жумушу. 2. Каталарын текшерүү, түзөтүү үчүн кагазга басылып алынган текст.

**КОРРЕЛЯЦИЯ** Түшүнүктөрдүн, нерселердин, өз ара карым-катыштын байланыштуулугу.

**КОРРЕСПОНДЕНТ** Газета-журналдардын, радионун же башка информациялык органдардын жер-жерлерден кабар жиберип туруучу кызматкери, кабарчысы. *Газетанын корреспонденти.*

**КОРРЕСПОНДЕНТ-МҮЧӨ** *к.* **мүчө-корреспондент.**

**КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ** 1. Почта-телеграф аркылуу жиберилген кат, газета, журнал, телеграмма ж.б. нерселердин жалпы аталышы. 2. Жер-жерлерден жиберилген кабар, корреспондент тарабынан газета же журналга жиберилген макала.

**КОРРОЗИЯ** Суунун химиялык таасиринен жер бетиндеги тоотектердин эриши. *Коррозия магманын мурда бөлүнүп калган минералдарын же жанаша жаткан тоотек сыныктарын бузуп, жарым-жартылай эритип жиберет.*

**КОРРУПЦИЯ** *экон.* Кызматкердин укугун жеке кызыкчылыгына пайдалануусу, пара алуусу, парага сатылып кетиши. *Адыл шериктеш жемкордукка, б.а. коррупцияга каршы күрөшүүнү каалайт.*

**КОРС** 1. Бир нерсе сынганда, омурулганда же күлгөндө чыккан дабышты билдирүүчү тууранды сөз. *Болоттун учу корс этип, Бел сөөктөн сынып калыптыр* («Манас»). *Нур жүздүү Шамбет аттуу алп жигит корс-корс күлдү* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Орой, мүнөзү терс адамды же анын мамилесин, сүйлөгөнүн билдирүү үчүн айтылат. *Корс адам. Корс мүнөз. Кире бериңиз! – деп, корс унчукту* (Сыдыкбеков). *Жакшынын сөзү корс болбойт* (Токтогул).

**КОРС ЭТҮҮ** Орой мамиле кылуу, тумшугу менен бир тийүү. *Омор корс этип, булкунуп эшикке чыкты* (Сыдыкбеков). *Жийдегүл жай сураса жөн жооп бербей, корс эткени эмнеси? – деп шагы сына түштү* (Сасыкбаев). **В.: Корс-корс этүү.** *Баласынын оңураак жооп бербей корс-корс этип чыгып кетиши, эненин жүрөгүн оорутту* («Кыргызстан маданияты»).

**КОРСЕТ** 1. Көйнөктүн астынан кийилип, белди кысып, сындуу кылып туруучу кеп. 2. Арка, бел омурткалары кокустаган же ооруга чалдыккан адамдар үчүн жасалган бекем, катуу кыска белдемчи.

**КОРСОЙ** Бирөөгө кыр көрсөтүү, чоңсунуу, көөдөнүн көтөрүү, кекирейүү. *Сенин корсоюп, кожоюндук кылып колдон талашчу мезгилиң небак өтүп кеткен.*

**КОРСОНДО** Бирөөгө орой мамиле кылуу, чоңсунуу. *Байгеге атты чабабыз, Корсоңдосо жалгыздын, Башын кесип салабыз* («Эр Төштүк»).

**КОРСОНДОО корсоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРСОЮУ корсой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРСТОН** Ыраазы. *Корстон болуп жүз койго, Жайлоого чыгат чалкалап* («Чалкан»). *Анжиянга мал айдатып бараткацына Серкебай өзү да корстон* (Сыдыкбеков).

**КОРСУЛДА** 1. Корс-корс эткен дабыш чыгаруу, корс-корс этүү. *Корсулдаган топоздор айыл арасындагы тынчтыкты кетиришет* («Ала-Тоо»). *Токойдогу доңуздар, Кошо келет корсулдап, Айдаган малга кошулуп* («Манас»). 2. Орой сүйлөө, тумшугу менен бир тийүү, корс этүү. *Чакырасың келбесем, Корсулдайсың өзүмө, Кошуп ырдап бербесем* (Токтогул). *Садыр илээндилерге корсулдап жатып, кетмен-күрөктөрдү чогулттурду* (Касымбеков).

**КОРСУЛДАК** Орой, чорт, кыялы терс.

**КОРСУЛДОО корсулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРСУН** Өзүн кор сезүү, кормун деп эсептөө, кемсинүү, басынуу. *«Мен эмне корсуна турган жөнүм бар?» – деген ойго келдим* («Ала-Тоо»).

**КОРСУНТ корсун** этишинин аркылуу мамилеси. *Жолдошторунун корсунта келекелеши, Көлбайдын күйбөгөн жерин күл кылды* («Ала-Тоо»).

**КОРСУНУУ корсун** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРТ** *спорт.* Теннис ойноого ылайыкталган аянтча. *Спортсмендердин карамагындагы стадион, теннистик корттор, волейболдук жана баскетболдук аянтчалар, сүзүү бассейни болот. Мектеп аянтына жаңы теннистик корт уюштурулган* («Мугалимдер газетасы»).

**КОРТИК** Аскер-деңиз флотунун адмиралдары, офицерлери жана аскер-аба флотунун генералдары, офицерлери алып жүрүүчү, куруна байлануучу кичине канжар сыяктуу курал.

**КОРТО** Кичине бойлуу, кодоо. *Семиз корто тетигил, Бечел окшойт акылга* (Токомбаев). *Мен сүйлөйүнчү? – деди корто бойлуу Кайып* (Сасыкбаев).

**КОРТОГОЙ** Кортойгон, кодогой, корто.

**КОРТОЙ** Бою корто көрүнүү.

**КОРТОҢ: кортоң-кортоң этүү** Кортойгон, кичине кишинин басканын, кыймыл-аракетин билдирүү үчүн айтылат.

**КОРТОНДО** Кортоң-кортоң этүү, кодоңдоо. *Чочугансып ырдаган, Кортоңдогон немесиң* (Токтогул).

**КОРТОНДОО кортоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРТУК** Кочкор салууга ыйгарылбаган, бирок бычылбай калган начар кочкор. *Койду кортук бузат* (макал).

**КОРУ** 1. Кайтаруу, коргоо, эч нерсе жолотпоо, тийгизбөө. *Тарууну чымчыктан кору. Бакча кору. Чабынды жерди малдан кору.* 2. Ичи тарлык кылуу, кызгануу. *Катын жаманы эр коруйт* (макал).

**КОРУК** 1. Тосмо, кашаа, курчоо. *Ашым жүгүргөн бойдон корукту имерилип кетти* («Ала-Тоо»). 2. Айдоо, эгин же чөп чабылчу аянт сыяктуу малдан кайтарылуучу жерлер. *Корукка мал жолотпой, күзгө чейин кайтарып жүрдүк* («Ала-Тоо»). 3. Баалуу жаныбар-

лар, өсүмдүктөр өстүрүлүп, аларды атууга, жок кылууга, кыюуга ж.б. тыюу салынган аймак, курчалган жер.

**КОРУКЧУ** Корукту сактоочу, кайтаруучу, коруй турган адам, кароолчу, күзөтчү. – *Капа болбоңуз, корукчу аке, бул биз!* (Жантөшев). *Үйүбүздү кайтарган Корукчубуз кыз эле* (Тоголок Молдо).

**КОРУКЧУЛУК** Корукчунун милдети, иши. *Корукчулук кызматта иштөө.*

**КОРУЛДА** 1. Кор-кор эткен дабыш чыгаруу, кор-кор этүү. *Корулдап уктап жатат. Корулдайт кандын акканы.* 2. Дарылдоо, кор-кор эткен жоон үн менен сүйлөө. *Жигит директорго корулдаган бийик дабышы менен салам айтты* (Каимов).

**КОРУЛДАТ корулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРУЛДОО корулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРУМ I** Тоонун бийик беттеринен, жардан, аскалардан урап, шыгырап жыйылган шагыл таштар. *Бийиктен таш кулайт, корум шагырайт* (Осмоналиев). *Корум таш басып жыңайлак, Кой жайып тоодо жүргөндө* (Бөкөнбаев).

**КОРУМ II: кара корум** Карарган түс. *Устубаштары кара корум болгон адамдар* (Сасыкбаев). *Чайды сала берип, кара корум кылып салган тура* («Ала-Тоо»).

**КОРУМДА** Корумдун астына бастыруу, корумга көмүү, көөмп бекитүү.

**КОРУМДАТ корумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРУМДОО корумда** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРУМДУУ** Коруму көп, корум таштуу. *Биз ат чалдырып отурган жер корумдуу борчук* (Жантөшев).

**КОРУН** 1. **кору** этишинин өздүк мамилеси. *Ат чымындан корунган кишидей башын чулгуйт.* 2. *өт.* Чоочун кишиден же жалпы эле элге көрүнүүдөн, эл арасында болуудан, сүйлөөдөн ж.б. уялуу, тартынуу, басынуу. *Өзүмдүн жолдошторуман өзүм корунуп, унчукпай баш ийкедим* («Аалам»). *Шейше элден корунгандай жер карап, эшикти көздөй басты* («Ала-Тоо»).

**КОРУНТ корун** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРУНУУ корун** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРУНЧААК** Элден коруна берген уялчаак, жалтанчаак, өткүр эмес. *Ушундай да корунчаак, ушундай да баёо, маңыроо жан белең* («Ала-Тоо»).

**КОРУТ I** Корутундулоо, жыйынтыктоо, тыянактоо. *Корутуп айтуу.*

**КОРУТ II кору** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРУТУНДУ** Жыйынтык, тыянак. *Алымкул өз ичинен корутунду чыгарып койду* (Абдукаримов).

**КОРУТУНДУЛА** Корутунду чыгаруу, жыйынтыктоо, тыянактоо.

**КОРУТУНДУЛАТ корутундула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРУТУНДУЛОО корутундула** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРУУ кору** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРУШ** Мүчүлүштүк, кемчилдик. *Корушу болот тамактын, кошуп салсаң туз жакшы* (фольк).

**КОРЧОЙ** Көтөрүлүү, менменсинүү, бой көтөрүү, кекейүү. *Корчоюп биздин башкарма, Кол созбойт ээрдин кашына, Карыш жерге жөө жүрбөй, Мингени жеңил машина* («Чалкан»).

**КОРЧОЛО** Далдалоо, көрсөтпөө. *Көрсөтпөй бизге корчолоп, кайда катып койду экен* («Эл адабияты»).

**КОРЧОЛОН корчоло** этишинин өздүк мамилеси.

**КОРЧОЛОО корчоло** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРЧОЛОТ корчоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОРЧОНДО** Бирөөгө чоңсунуу, бийлик кылуу, бой көтөрүү. *Корчоңдоду кожоюн үйрүнтүсүн бузуп* («Ала-Тоо»).

**КОРЧОНДОО корчоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРЧОЮУ корчой** этишинин кыймыл атоочу.

**КОРЧУ** *эск.* Илгери Орто Азияда жашаган өкүмдарларды кайтаруучу адам. Өкүмдарлардын сакчылары. 2. Эгин талаасын коруучу адам.

**КОСЕК** Пахтанын гүлү түшкөндөн кийин пайда болгон, була чыга турган же буласы ачыла элек тоголок башы. *Суусар бир чоң түп пахтанын бышкан косектерин эрикпей жатып санап чыкты* (Байтемиров).

**КОСМЕТИКА** 1. Денени, бетти-башты күтүү, сулуулоо үчүн жүргүзүлгөн иштер, ар кандай аракеттер. *Косметика кабинети.* 2. Ушундай иштерге керектүү болгон ар кандай заттар (упа, бет май, эндик ж.б.)

**КОСМЕТИКАЛЫК косметика** дегенге таандык. *Косметикалык чаралар. Косметикалык фабрика.*

**КОСМЕТОЛОГ** Косметика заттары боюнча адис, кеңешчи.

**КОСМИКАЛЫК** *туурасы:* **космостук.**

**КОСМОГОНИЯ** Планеталардын, алардын спутниктеринин, Күндүн, жылдыздардын пайда болушу жана алардын системасы жөнүндөгү маселелерди изилдөөчү астрономия бөлүмү.

**КОСМОГОНИЯЛЫК** Ааламдын, дүйнөнүн жаралыш процессине тийиштүү. *Космо-гониялык гипотеза.*

**КОСМОГРАФИЯ** Астрономия жана физикалык география жөнүндө жалпы маалыматтарды берүүчү окуу предмети.

**КОСМОДРОМ** Космостук кораблдерди учуруп турууга ылайыкталган, тийиштүү жабдуулары болгон аянтча.

**КОСМОЛОГИЯ** Бүткүл дүйнө, ааламдын түзүлүшү тууралуу илим, астрономиянын ушундай маселелерди изилдөөчү бөлүмү.

**КОСМОНАВТ** Космоско учуучу адам. *Орус элинин космонавттары. Америкалык космонавттар.*

**КОСМОНАВТИКА** *астр.* Космос мейкиндигине учуу, космоско учуучу аппараттарды пайдалануу менен космосту, Жерден тышкаркы объектилерди изилдөөчү илим менен техника тармактарынын жыйындысы.

**КОСМОПОЛИТ** Космополитизм саясатын жактоочу, өзүн эч кандай улутка таандык кылбаган киши. *Космополит болуп келдиби? Же патриот бекен белгилүү* (Пушкин).

**КОСМОПОЛИТИЗМ** Улуттук өз алдынчалыкты жана улуттук суверенитетти четке кагып, ата мекенге, улуттук маданиятка кайдигерлик менен мамиле кылууга чакыруучу жана «дүйнөлүк мамлекет», «дүйнөлүк граждандство» орнотуу идеясын көтөрүп чыгуучу реакциячыл буржуазиялык идеология.

**КОСМОПОЛИТТИК** Космополитизм саясатына байланыштуу, ошого негизделген, ошондой идеяда болгон. *Космополиттик идеялар. Космополиттик ураандар.*

**КОСМОС** Аалам, аалам мейкиндиги. *Космоско учуу. Космосту изилдөө. Космос мейкиндиги.*

**КОСМОСТУК космос** дегенге таандык. *Космостук учуулар. Космостук мейкиндик.*

**КОСТЮМ** 1. Эркектердин күрмө менен шымдан же аялдардын күрмө менен юбкадан турган сырт кийими. 2. *сүйл.* Күрмө (шым, юбкадан тышкары). *Костюмун бырышпас кылып үч бүктөп, карысына салып койгон* (Сыдыкбеков).

**КОСТЮМЕР** Театрда коюлган оюндун керектүү кийимдерин даярдоо, тейлөө ишин аткаруучу кызматкер.

**КОТЕЛОК** Талаа жерлерде аскерлер тамак кайнатуу же тамак куюп ичүү үчүн колдонулуучу саптуу, кийгизип жабылма капкагы бар кичирээк металл идиш.

**КОТЛЕТ** Абдан майдаланган эттен тегерек же сүйрү формага салып, кичирээк токоч сыяктуу кылып бышырган тамак.

**КОТЛОВАН** Имараттын, ар кандай курулуштун фундаментин тургузуу үчүн казылган орун, чуңкур. *Котлован кандай оюлуп бүттү, ошондой цемент куя баштайбыз* (Сасыкбаев).

**КОТОЛО** Опур-топур болуп чогулуу, башаламан топтолуу. *Ашымдардыкында эл котолойт* («Ала-Тоо»). *Мектеп алдына котолоп топтолушкан эл* (Сыдыкбеков).

**КОТОЛОО котоло** этишинин кыймыл атоочу.

**КОТОЛОТ котоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОТОН ЖАРА** Жыныстык катышуулар аркылуу жуга турган жугуштуу оору, ушундай оорудан денеге тараган жара.

**КОТОР** 1. Алмаштыруу, ордуна башкасын, жаңысын коюу, которуштуруу. *Кийим которуп кийгин, балам!* («Ала-Тоо»). *Сууну экинчи арыкка которуп коюп, түшкү тамакка жөнөштү* («Ала-Тоо»). *Ашым, сен оокатыңды ичип, ат которуп мин* (Каимов). 2. Турагын өзгөртүү, башка орунга, ишке ж.б. жиберүү, дайындоо, көчүрүү, бир жерден экинчи жерге алып баруу. *Сафинин атасын башка районго кызматка которуп жиберишти* («Кыргызстан аялдары»). *Акбар иним, өзүң конуш котороюн деп жүрөсүңбү?* (Убукеев). *Силерди мугалимдер институтуна которолу деген ой бар* (Бейшеналиев). 3. Бир нерсени экинчи жак бетине, астын үстүнө келтирип оодаруу, аңтарылган абалга келтирүү. *Кийизди улам бир бетине которуп жая берди* («Ала-Тоо»). *Тезектерди которуп чыксаң боло, кечке жете кургап калсын* («Ала-Тоо»). 4. Белгилүү бир тилдеги текстти, оозеки кепти башка тилде берүү, бир тилдегини экинчи бир тилдеги айтылышына айландыруу. *Белек аны ары-бери которуп, Көз жүгүрттү ырдын башка жолуна* (Токомбаев). *Укмуштуудай кооз мунун айткандары, Өз тилдерине которду бүткүл элдин баары* (Шүкүрбеков).

**КОТОРМО** Бир тилден экинчи тилге которулган текст (же оозеки кеп). *Адабий котормо. Эркин котормо. Сөзмө-сөз котормо. Кыргыз окуучулары Пушкиндин, Лермонтовдун лирикалары менен Алыкулдун котормолору аркылуу таанышкан* («Ала-Тоо»).

**КОТОРМОЧУ** Бир тилден экинчи тилге которуу, котормочулук жагында иштеген тилмеч, адис.

**КОТОРМОЧУЛУК** Котормочунун кесиби. *М. Абдукаримов котормочулук ишин колго алууну көксөп, орус тилинен, кыргыз тилине которо баштайт* («Ала-Тоо»).

**КОТОРТ котор** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОТОРУЛ котор** этишинин туюк мамилеси.

**КОТОРУУ отор** этишинин кыймыл атоочу.

**КОТОРУШ котор** этишинин кош мамилеси.

**КОТОРУШТУР** Биринин ордуна экинчисин коюу, которуу, орундарын алмаштыруу, оодарыштыруу.

**КОТОРУШТУРУУ которуштур** этишинин кыймыл атоочу.

**КОТТЕДЖ** Шаар четине убактылуу турганга ылайыкталып салынган чакан үй.

**КОТУР** 1. Денеге бүдүр-бүдүр болуп чыккан теринин кычыштырма жугуштуу оорусу. *Колуң кетпей тырманып, Котур болуп*

*алыпсың* (Токтогул). *Котур – колдон, жоор – жондон* (макал). 2. Чөп жакшы өспөгөн, жайдак, такыр же жайпак таш, аска беттер айкалышып жаткан жер.

**КОТУР ТАШЫ КОЙНУНДА** Жаман ойлуу, ичи арам, бирөөгө жамандык кылайын деген ниети бар, бузукулук ою бар. *О, наадан десе; кантер экен деп тим койсо, кылтыйып котур ташы койнунда турбайбы* (Байтемиров). *Сиздин койнуңуздагы котур ташты билген болсо, эне кургур «кайда кетсең да ала кет» деп жалынбас эле го.* **В.: Койнуна котур таш катуу.** *Ал котур ташын койнуна катканды билбейт* (Абакиров). *Котур таш катып койнуна, Сур жылан ороп мойнуна* (Сасыкбаев). *Кээси койнуна котур таш катып, Заар тили ок болуп атып* («Чалкан»).

**КОТУРА** Топуроо, опур-топур боло берүү. *Котон каны Жүгөрү, А да келди котурап, Асманга учуп топурак* («Манас»).

**КОТУРАПЕЙ** Каралжын келген кичинекей боз чымчык.

**КОТУРЛАН** Котур болуу, денесине котур чыгуу, котурга айлануу.

**КОУХАР** *туурасы:* **каухар.**

**КОФЕ** 1. Данынан чай сыяктуу оокат даярдала турган тропикалык жыгач же бадал. 2. Ушул жыгачтын даны (уругу). *Куурулган кофе.* 3. Ушул жыгачтын куурулуп, майдаланган данынан жасалган порошок жана андан даярдалган чай сыяктуу оокат. *Кофе кайнатуу. Сүт куюлган кофе. Кофе ичүү.*

**КОФЕИН** Кофенин данында, чайдын жалбырагында жана кээ бир башка өсүм-дүктөрдө болуучу, медицинада козутуучу дары катары колдонулуучу зат.

**КОФТА** Аялдардын кыска жеңил кийими. *Аялдын үстүндө кофта, кара юбка* (Баялинов).

**КОЧКОР** Койдун куутка кошулуучу эркеги. *Уяң жүндүү койлордун асыл тукум кочкорлору. Козу кочкор.*

**КОЧКОРОК** Жетилгенде кочкор кылууга ылайык табылган, биттелбеген эркек козу.

**КОЧКУЛ** Өңдүн карамык тартып, коюуланып көрүнгөн түрү. *Кара кочкул. Кызыл кочкул. Кочкул кызыл боёк.*

**КОЧКУЛДАН** Кочкул түстө болуу, кочкул түскө өтүү. *Дүпүйөт кочкулданып түнөргөн бак* (Абдыраманов).

**КОЧУШ** Эки алаканды жанаштыра кармаган чоң ууч, кош ууч. *Бир кочуш жем. Кочушун толтура суу жутуу. Кочушуна салуу.*

**КОЧУШТА** Кочуш менен алуу, кочушуна салуу. *Кочуштап башатыңдан сууңду ичтим, Сен менен кайраттанып, кумду кечтим* (Маликов). *Куржунга колун салыптыр, Кочуштап буудай алыптыр* («Манас»).

**КОЧУШТАТ кочушта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЧУШТОО кочушта** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЧУШТУУ** Кочушу чоң.

**КОШ I** 1. Эки түгөй, эки даана, жуп. *Болоттон кылган чоюн баш, Кош колдоп кармап имерди* («Манас»). *Кош тараптан шаштырып, Колдорун сунуп маш кылып* («Эл адабияты»). *Жүргүнчүлөр отургандардан кийин, кош моторлуу машина абага көтөрүлдү* (Жантөшев). *Кош ууч арпа азыгым, Музоо багар жазыгым* («Манас»). 2. Кош өгүз чегилген, б.а. эки өгүздүү соко, ал соко менен жер айдоо. Жер айдоо маалы. *Кош айдап жаткан кез* (Элебаев). *Алайда кыш узак болот да, кош кеч чыгат* (Жантөшев). *Жалгыз өгүз кош болбойт, жаакташкан дос болбойт* (макал).

**КОШ II** 1. Кичине боз үй, жеңилдетилген боз үй (убактылуу жашоо үчүн ылайыкталган). 2. Жүрүш учурунда колдун – жоокерлердин убактылуу токтогон жайы. Бул сөз кээде оорук деп да аталат. *Чоң курулушка келгендердин кошторунан уюлгуп түтүн чыгып турду* (Сасыкбаев). *Малчылар кошторун артты* (Убукеев). *Кош колоңдун баарысын, Кош атына жүктөшүп* («Манас» С.О.). 3. Көчмөн элдин жүгү. *Алты атка кошун жүктөтүп, Алтынды башка артып* («Манас»). 4. Колдун, же жалпы эле жолдо, өз айылынан башка жерде (конокто, аш-тойдо ж.б.) жүргөн адамдардын өз ынтымагына, туугандык белгисине, же башка байланыштарына карата бөлүнгөн анча чоң эмес тобу. *Кош башына бирден бээ, Коштоп келип союшуп* («Манас» С.О.).

**КОШ III** Койду айдоодо же бир жакка кайрууда айтылуучу сөз. *Адыр, белестерден койчулардын «кош, кош!» деп кыйкырган үнүн угасың* («Ала-Тоо»).

**КОШ IV** Бирөө менен коштошуу, кош айтышуу учурунда айтылат. *Кош, жакшы калыңыз! – деп, Батый да Осмондун колун бекем кысты* (Сыдыкбеков).

**КОШ V** Бирөөнүн сөзүнө көңүл бөлүү же ага бир нерсе айтып кайрылуу, бирөөнүн сөзүн кубаттоо, макул табуу же анын тескерисинче кылуу маанисинде колдонулат. – *Кош, жолдош башкарма! Акийма карындашка кандай байге болот?* (Жантөшев). – *Кош, эмне дейсиң? – деди Сарыбай* (Абдукаримов).

**КОШ VI** 1. Бир нерсеге кошумча кылуу, кошумчалап көбөйтүү, бириктирүү, аралаштыруу. *Уйларды бадага коштуңбу?* («Ала-Тоо»). *Май, кант кошуп аралаштыргыла* («Ала-Тоо»). *Бизди тойго айткан экен. Актык иш эмеспи, бир козу кошолу* (Касымбеков). *Таң жели алпештенип согулганда Гудок да үнүн кошту болжоп таңга* (Бө-көнбаев). 2. Баш коштуруу, турмуш курдуруу, үйлөндүрүү. *Эр Курманбек баатырга, Канышайды кошомун* («Курманбек»). 3. Арабага, сокого атты, өгүздү чегүү. *Араба кошуп ат айдап,*

*Кандайсың буудай тартканга* (Осмонкул). *Жумагүлдөр кайра келип сокону кошкон кезде, таң сергий берди* (Элебаев). 4. Кимдир бирөөнүн, көбүнчө көз жумган адамдын кылган иши, кыял-жоругу, турмушу ж.б. жөнүндө айтып ырдоо же ыйлоо, кошок айтуу. *Алима эже өзүнүн каргылданган үнү менен күйөөсүн кошуп ыйлап жатты* (Абдукаримов). *Султаным атам өттү деп, Үйүңдө кошуп ким калат* (Жантөшев). 5. Жамакчылык кылуу.

**КОШ АЙТУУ** Коштошуу. *Кош айтайын деп келдим Туулуп өскөн жериме* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КОШ АЯК** Арткы аяктары, куйругу узун кемирүүчүлөр түркүмүнө кирүүчү чычкан сыяктуу жаныбарлар.

**КОШ БОЙЛУУ** Боюнда бар. *Бирок, кудай жалгап, аялым бат эле кош бойлуу болду* (Эшмамбетов). *Каным кош бойлуу эле* («Ден соолук»). **В.: Кош кабат.** *Келиндин кебетесине караганда кош кабат өңдөнөт. Зарылдын кош кабат болушу Көзөрбекке жаккан жок.*

**КОШ ЖЕМ БОЛУУ** Жеген-ичкенин синире албай калуу, көтөрө албай калуу, күптү болуу (көбүнчө алгыр куштарга карата). *Алымдын жанында отурганы чыныны колуна алып, кош жем болгон кулаалыча кекейип туруп чайды бир ууртады* (Жантөшев).

**КОШ КАБАК** Салыңкы кабак. *Кош кабак, кара сакал киши – Сейит* (Сасыкбаев).

**КОШ КАБАТ** *к.* **кош бойлуу.**

**КОШ КЕЛИПСИЗ** Келген коноктун көңүлүн сурап, каршы алуу маанисинде айтылат. *Кош келипсиз, апажан! – деп бир келин кирип келди* («Советтик Кыргызстан»).

**КОШ КӨҢҮЛ** 1. Эки анжы, олку-солку, чечкиндүү эмес, көңүлсүз, кайдигер гана. *Тосор шашпастан мурутун сылап, жоопту кош көңүл кайтарды* (Эшмамбетов). *Бул окуяга кош көңүл мамиле жасады* (Абдукаимов). *Теңсинбегендей чоюлуп жай басканы, камырап да койбогон кош көңүл мамилеси мени таң калтырды* («Ленинчил жаш»). 2. Талгак. *Гүлжан, сен абдан азып кеттиң. Кош көңүл болуп жүрбө?* (Байтемиров). *Жеңе, кош көңүл деген эмне? Ал талгак деген сөз болот* («Ала-Тоо»).

**КОШ КӨРҮҮ** Туура, ылайык көрүү, жактыруу. *Алда таалам кош көрсө, Карарта көрбө бетимди* («Манас»).

**КОШ ООЗ** Эки өзөктүү мылтык. *Базарбекте – кош ооз, ээрчиткенибиз – Апек аттуу машке* (Каимов).

**КОШ СӨЗ** *грамм.* Жупталып айтылган татаал сөз, мисалы: *опур-топур, бала-чака, карама-каршы.*

**КОШ СӨЗДҮҮ** Убадага турбаган, эки айткан. *Ар бирине көрүнгөндү айткан кош сөздүү неме экен* («Ала-Тоо»). *Кош сөздүү кобур Кыйынсынып догур* (Тоголок Молдо).

**КОШ УУЧ** Эки колдун алакандарын бириктирип, бири-бирине тийиштирип туруп манжаларын ичин көздөй ийгендеги абал, кочуш. *Ашым бөдөнөгө карап «Байгеңе бир чоң кош уук тартуу беремин» дейт* (Сыдыкбеков).

**КОШ ЧЕКИТ** Бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда айтылган жалпылагыч сөздөн, чечме сүйлөмдөгү негизги сүйлөмдөн кийин жана тике сөздөн мурда айтылган төл сөздөн кийин колдонулуучу тыныш белги.

**КОШ ЭТЕК** Кыз-келиндер кийүүчү көйнөктүн бир түрү.

**КОШАҢ** Эттүү тамактын бир түрү.

**КОШКОН МАЙ** Талканга май, бал аралаштырып жасалган көбүнчө жентекке берилүүчү тамак. *Бал эле дейсиңби, сары майга эритип кошкон май жасайбыз* (Бейшеналиев).

**КОШКОНСУ** Бир нерсени башка нерсеге же бири-бирине кошкондой, аралаштыргандай болуу.

**КОШКУР** Кошкурук атуу, кошкурук салуу. *Ашырдын аты кошкуруп жалт берди* (Сасыкбаев). *Токтогул жакындаганда бээ жер чапчып дагы кошкурду* (Токомбаев). *Жылкылар кошкуруп-бышкырып жер чапчый баштады* (Убукеев).

**КОШКУРУК** Жылкынын бир нерседен чочуганда, үрккөндө чыгарган дабышы, бышкырыгы. *Азоолордун таноолору дердеңдеп, кошкурук атып, жалт кайра бурулушту* («Жаш ленинчи»).

**КОШКУРУКТА кошкур** менен бирдей. *Семиз кылып, жакшы баксак секиртип, Кошкуруктап арабаны тартпайбы* (Осмонул).

**КОШКУРУН кошкур** этишинин өздүк мамилеси. *Кош кулагын кайчылаштыра калган кер бээ дале кошкуруна элтеңдеп басты* (Сыдыкбеков).

**КОШКУРУУ кошкур** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШМО** Бириктирилген, бири-бирине кошулган, аралаштырылган, бирге болгон. *Кошмо штат. Кошмо жыйналыш.*

**КОШМОК** Ат жабдыгынын түрү. *Басмайыл, кошмок, айырмач, Баланын башы байкалды* («Эл адабияты»).

**КОШМОК СӨЗ** *грамм.* Татаал сөз.

**КОШМОН** *аңч.* Жемсөө жүнүндө тик кеткен ак тагы бар ителгинин түрү.

**КОШО** Бирге. *Активдер Амантур менен кошо келиптир* (Убукеев). *Батый жибек жоолук менен кошо бир топ кездеме алды* (Сасыкбаев).

**КОШОК I** Каза тапкан адам же күйөөгө узатылып жаткан кыз жөнүндө ый аралаш аткарылуучу ыр, жамак. *Кара кошок сөз менен Кайгыңды тартып ыйладым* (Тоголок Молдо). *Чачты жазып коюп, күнүгө үч маал кошок айтып үн салып ыйлашым керек* (Убукеев). *Атанга жүгүн арттырып, Алтымыш-*

*тай катынга, Тегиз кошок айттырып* («Манас»).

**КОШОК II** 1. Кой-эчкилердин бири-бирине тизмектелген, моюндарынан байлаштырылган тобу. *Койлор саалып, кошоктор тартылар менен, бээлер да саалып, кулундар агытылды* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Аял, жар. *Сен түгөйүм, сен өмүрдүн кошогу, Антыбыз бар эстеп жүрчү ошону* (Бөкөнбаев). *Тагдырымды кошомун, Талабың кансын кошогум. Өмүрүмдү кошомун, өчпөсүн шамың кошогум* («Эл адабияты»).

**КОШОКТО** Кошок кылып байлоо, коштоо, чиркештирүү. *Койлорду кошоктоп коюу. Кошоктоп байлоо.*

**КОШОКТОЛ кошокто** этишинин туюк мамилеси.

**КОШОКТОЛУУ** Бири-бирине бириктирилип байланган.

**КОШОКТОО кошокто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШОКТОТ кошокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОШОКЧУ** Кошокту кыйын кошкон, кошокту мыкты билген адам (көбүнчө аялдар). *Кошокчулар кошуп, анын согушта көрсөткөн эрдигин айтышты* (Байтемиров).

**КОШОКЧУЛ кошокчу** менен бирдей.

**КОШОЛОНТ** Созолонтуу, үнүн бийиктетүү, күчөтүү. *Кошолонтуп ырдоо. Бийик тоолуу капчыгай суунун үнүн кошолонтуп, тынчтыкты бузат* («Жаш ленинчи»).

**КОШОМАТ** Бирөөгө жагынуунун, жакшы көрүнүүнүн аракети, ошондой максатты көздөгөн мамиле. *Кошомат кылуу жойпулук, Кор кылар бир күн сени алдап* (Бөкөнбаев). *Кошоматка бай берчү, Кысыр эмдүү тайлардан* (Калык).

**КОШОМАТКА КОЙ СОЮУ** Бирөөнүн алды-үстүнө түшүп жасакерленүү, жагынууга аракеттенүү. *Эсир артынан түшкөндөргө мамиле менен жагып, марттык менен таанышып, кошоматка кой союп кутулуп жүрдү* (Осмоналиев). *Хан Дыйканбай үйүндө жүргөнүңдү ырдадың, Кошоматка кой союп, Күлгөнүңдү ырдадың* (Токтогул).

**КОШОМАТТА** Бирөөгө кошомат кылуу, жагынуу, жасакерленүү.

**КОШОМАТТАН кошоматта** менен бирдей.

**КОШОМАТТЫК кошоматчылык** менен бирдей. *Байларга кошоматтык кылып, курсак тойгузуп жүргөн жугундукорлор да аз эмес эле* (Абдукаримов).

**КОШОМАТЧЫ** Бирөөгө жагынуу, жакшы көрүнүү үчүн кошомат кылганды, кошо-матганганды жакшы көргөн адам. *Кошоматчы кууларды Кондурба да түнөтпө* (Токтогул). *Кошоматчылардын бардыгы бет-бетинен качып жоголгон* (Жантөшев).

**КОШОМАТЧЫЛ кошоматчы** менен бирдей.

**КОШОМАТЧЫЛЫК** Кошомат кылуучулук, көшөкөрлөнүүчүлүк, жагынуучулук. *Кошоматчылык – жаман адат.*

**КОШТО** 1. Бирөөнү экинчисинин жанына кошуу, жанаштыруу, кош кылуу, кошоктоо. *Артыбыздан ат коштогон бала таскактатып жете келди* («Ала-Тоо»). *Айдай сары талаага, Атыңды коштоп жүргүлө* (Калмырза). *Сегиз азоону бири-бирине коштоп, Сейтказы менен Алыбай Ак-Кучуктун талаасына кетишти. Күрөң үйга музоосун коштоп, сай менен ылдый көздөй айдап бараткан элек* («Ала-Тоо»). 2. Кошо ээрчите басуу, өзү менен кошо алып жөнөө, ээрчитүү. *Кожоюнду тумакчан киши унчукпай келип, колдон алып коштоду да, нары басты* (Сасыкбаев). *Балдар Абазды ортого коштоп, Сатарды көздөй алып барышты* (Таштемиров). 3. *өт.* Бирөөнүн айткан пикирин, сөзүн колдоого алып кубаттоо, сүрөө. *Карабектин бул кылыгы отургандардын бардыгына жаккандыктан, күүлдөгөн үндөрү менен коштоп жатышты* (Жантөшев). *Бакен анын сөзүн коштоду* (Каимов). *Би-ри баштап, экинчисин коштоп ырдашты* («Ала-Тоо»).

**КОШТОЛ кошто** этишинин туюк мамилеси.

**КОШТОНДУ** Коштоого алынган, коштолгон.

**КОШТОО I** Коштолгон, өзү менен кошо ала жүргөн. *Коштоо атын жетелеп, Курман илгери жөнөдү* (Убукеев).

**КОШТОО II кошто** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШТОТ кошто** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОШТОШ** 1. Бири-бири менен кош айтышуу, кош айтышып бөлүнүү. *Батый Осмондун колун бекем кысып коштошту* (Сасыкбаев). 2. Биротоло токтотуу, экинчи кайрылбас, жанбас болуу, дагы кайталабоо. *Тамеки менен биротоло коштоштум* («Ала-Тоо»). *Бул иш менен эртең биротоло коштошуп, биротоло тыныша турган болдук* («Ала-Тоо»).

**КОШТОШТУР коштош** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОШТОШУУ коштош** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШТУК** Курсант болуу, ыраазы болуу, туура, ылайык көрүү, кубанычта болуу.

**КОШТУР кош VI** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОШТУРУУ** коштур этишинин кыймыл атоочу.

**КОШУЛ** 1. **кош VI** этишинин туюк мамилеси. 2. Башкалар менен аралашып, биригип кетүү.

**КОШУЛ-ТАШЫЛ** Үстү-үстүнө кошулган, үстөкө-босток болгон, кошумчаланган. *Чоң шар суунун киргенине кошул-ташыл болуп гудок да өзөндү жаңыртты* (Бектенов). *Ко-*

*шул-ташыл күү менен комуз үнү шаңкылдап* (Тоголок Молдо).

**КОШУЛУУЧУ** 1. Бири-бирине кошула турган сандар. 2. Жактоочу, колдоочу, бирөөнүн пикирине оюна кошулган киши же тарап.

**КОШУМЧА** 1. Бир нерсенин үстүнө кошулган, кошумчаланган бөлүк, нерсе же кандайдыр бир толуктоо. *Карабек кошумча каражат табуу үчүн базарга ыктайт* (Каимов). *Кээ бир аялдардын наразылыктары атасынын жемесине кошумча болду* (Бейшеналиев). *Мамбеткулдун сунушу Смандын кошумчасы менен бир добуштан кабыл алынды* (Каимов). 2. Бирөөгө жардам катарында берилген, кошулган каражат, мал ж.б. *Тойго кошумча. Ашка кошумча.*

**КОШУМЧАЛА** Үстүнө кошуу, кошумча кылуу, толуктоо. *Жыйган-терген оокатыбызга дагы кошумчалап, быйыл уулубузду үйлөнтөлү деп турабыз* («Ала-Тоо»). *Рудольф мурдагысын кайталап, кошумчалап, оозу тынбай айтып жатат* (Баялинов).

**КОШУМЧАЛАН кошумчала** этишинин өздүк мамилеси.

**КОШУМЧАЛАТ кошумчала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОШУМЧАЛАШ кошумчала** этишинин кош мамилеси.

**КОШУМЧАЛОО кошумчала** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШУМЧАЛУУ** Кошумчасы бар, кшумчасы арбын, көбүрөөк кошумчаланган.

**КОШУН кошуун** менен бирдей.

**КОШУНА** Бири-бирине жакын, улагалаш жашаган адамдар, коңшу. *Жаңы кошуналар менен тааныштык бекемделе берди* (Бейшеналиев). *Үч миң айры төө калды, Кошунам Кошой дөө калды* («Манас»).

**КОШУНАЛЫК** Кошунага таандык милдет, кошуналардын өз ара мамилеси. *Кошуналык кылып үйгө көз сала туруңуз* («Ала-Тоо»).

**КОШУНДУ** Бири-бирине кошулган сандардын суммасы.

**КОШУУ I** Бири-бирине кошулуучу сандардын жалпы бирдиги канча болсо, ошончо сумма чыгаруучу математикалык амал жана амалдын белгиси (+).

**КОШУУ II кош VI** этишинин кыймыл атоочу.

**КОШУУН** Черүү, кол, аскер, бир нече коштун бирикмеси. *Манаска кошуун барууга* («Манас» С.О.). *Камсыз жаткан Жаңылга, Калың кошуун барышты* (Тоголок Молдо).

**КОШЧУ I** Жол жүргөн адамдарды, даражасы улууларды жандап, кызматын тейлеп жүрүүчү киши. *Алтымыш баатыр кошчу алам, Аттанып өзүм жол чалып* («Сейтек»). *Акундун кызы Айчүрөк, Отуз кызды кошчу алды* («Семетей»). *Тепесин таштап сулатып Кара ниет түгөнгүр, Кошчуларын кубантып* («Эл адабияты»).

**КОШЧУ II** Кош айдоочу, кош айдоо жумушун аткаруучу дыйкан. *Кыргыз мам-лекетинин уюткусу – кыргыз арасынан чыккан батрак, кедей дыйкан, кошчулар* («Эркин тоо»). *Чайрыкер менен кошчунун, Жашы болгон бир кезде* (Турусбеков).

**КОЮЛ I** Коюу болуу, коюулануу, коюу тартуу. *Кайнаса ашы коюлган, Аалам журттун баарысы Даам татып тоюнган* («Эр Төштүк»).

**КОЮЛ II кой II** этишинин туюк мамилеси. *Жыйналышка жазгы айдоо маселеси коюлган* (Турусбеков).

**КОЮЛЖУ** Бир аз коюлуу, коюу тартуу, коймолжун тартуу.

**КОЮЛТ коюл I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КОЮЛУУ коюл I** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЮН** 1. Адамдын көкүрөк, колтук жагы, кийим менен дененин арасы. *Улан коюн чөнтөгүнө эки жүзүн салды* (Бейшеналиев). *Айнысахан түйүнчөктү койнуна катты* (Жантөшев). *Киргил суу толуп койнуна, Кийими оордоп чыланды* (Бөкөнбаев). 2. Адам жаткан төшөктүн ичи. *Акылай баласын койнуна алып жатты* («Ала-Тоо»). 3. Арасы, ичи (мейкиндик, орун жөнүндө), камтыган кучагы. *Суусамырдын кең коюну миллиондогон мал болсо да кенен батырчудай* (Байтемиров). *Темир жол Ала-Тоонун койнун ачты* (Турусбеков). *Мекеним – тоо койнунда толгон шахты* (Маликов). *Жер бети түн койнунда салбарыңкы, Эрки жок адамзатка багынгандай* (Токомбаев). 4. Үркөр менен Ай бири-бирине жакындап келген учур.

**КОЮН-КОЛТУГУНА КИРҮҮ** Эпилдеп-жепилдеп бирөөнүн ишенимине кирип жакындашып кетүү, аралашып кетүү. *Алым Зуннахундун үй-бүлөсүнүн коюн-колтугуна кирүүдө* (Жантөшев).

**КОЮН-КОЛТУК** Дененин кашаттан моюнга чейинки бөлүгү, кийимдин асты менен дененин арасы. *Коюн-колтугуна кирген чөптүн бүрү этин кычыштырды* («Ала-Тоо»).

**КОЮН-КОЛТУК АЛЫШУУ** 1. Күрөшкөндө, кучакташканда бир колду экинчи кишинин колунун астынан, экинчи колун сыртынан алып кучактоо же курдан кармоо. *Балбандар коюн-колтук алышып таймашып, бирин-бири ала албай жатышты* («Кыргызстан маданияты»). *Үчөө тең коюн-колтук алышып, кыса кучакташып көрүшүү* (Абдукаримов). 2. Бири-бирине абдан жакын, ысык, ынак болуу, достошуу, өтө жакын ынтымактуу, таттуу болуу. *Букарбай Байымбетке коюн-колтук алыша удаа өргүй, кеперестей ымалалашкан соң жаканы карай аттанышты* (Бейшеналиев). *Өзү ачык-айрым, киши менен бат эле коюн-колтук алышып кетчүлөрдөн болот* (Абдукаимов). *Коюн-колтук алышып бир жүргөн Жумага*

*айтып түшүндүрүү жеңил болуш керек* («Ала-Тоо»).

**КОЮН-КОНЧУНАН ЧЫКПОО** Өтө жакын болуу, тырмышып эч ажырабоо (көбүнчө балага карата). *Атасынын коюн-кончунан чыкпайт.*

**КОЮНДА** Койнуна салуу. *Ак сакалын коюндап, Аргымагын моюндап* («Манас»).

**КОЮНДАШ I** Алган жары, сүйгөнү. *Коюндашым Гулайым, Ойлонбочу кайгы зар* («Кедейкан»).

**КОЮНДАШ II** Кучакташуу, бир төшөктө жатуу. *Акмат Жапаш менен коюндашып жатты* (Жантөшев). *Коюндашып бир жатып, Колумду алган убагы* (Бөкөнбаев).

**КОЮНДАШУУ коюндаш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЮТМАК** Айранга талкан чалып, чийки сүт куюлуп даярдалган тамак түрү.

**КОЮУ I** 1. Кургак менен суюктун ортосу, курамында суусу, суюк заты аз, суюк эмес. *Коюу каймак. Коюу варенье. Коюу ботко. Нанды жесең ысык же, Созулган коюу бал менен* (Барпы). 2. Калың, жыш, аябай тыгыздалган, көп болуп уюлгуган. *Коюу булут. Коюу түтүн. Коюу чаң. Коюу чач. Коюу каш. Коюу себилген эгин.*

**КОЮУ II кой II** этишинин кыймыл атоочу.

**КОЮУЛА** Коюу кылуу, коюлтуу.

**КОЮУЛАН** 1. **коюула** этишинин өздүк мамилеси. 2. Көбөйүү, арбуу, калың, жыш болуу. *Асман улам барган сайын түнөрүп, жер бетиндеги караңгылык коюулана берди* (Абдукаримов). *Токой барган сайын жыш болуп, чычырканак коюулана берди* (Каимов).

**КОЮШ** 1. Уруш, мушташ, карпа-курп карама-каршы чыгып бири-бирине күч колдонуу. *Коюшканы кочкордой* (фольк). 2. **кой II** этишинин кош мамилеси.

**КӨБӨ** *туурасы:* **көбөө.**

**КӨБӨЙ** Көп болуу, арбуу, өөрчүү, өнүгүү, күч алуу. *Берекеси көбөйсүн Мейкин талаа жеримдин* (Үсөнбаев). *Кыштак ичи дүрбөлөңгө түшүп, ары-бери чапкылагандар көбөйүп кетти* (Байтемиров). *Капсалаңдын тынчы кетип, кыймыл-аракети көбөйдү* (Бейшеналиев). *Улам жогорулаган сайын аттарынын бышылдап-күшүлдөшү көбөйдү* (Убукеев).

**КӨБӨЙТ** 1. **көбөй** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *мат.* Көбөйтүү амалын жүргүзүү, бир санды көбөйтүүчү сандын эсебине жараша эселентүү, арбытуу амалын иштөө.

**КӨБӨЙТҮЛ көбөйт** этишинин туюк мамилеси.

**КӨБӨЙТҮНДҮ** Көбөйтүү амалынан келип чыккан натыйжа, көбөйтүүдөн келип чыккан сан.

**КӨБӨЙТҮҮ** 1. **көбөйт** этишинин кыймыл атоочу. 2. *мат.* Көбөйтүүчү санда канча бирдик болсо, көбөйүүчү санды ошончо жолу кайталап арбытуучу математикалык амал жана ошол амалдын белгиси (х).

**КӨБӨЙТҮҮЧҮ** *мат.* Көбөйүүчүнүн канчага көбөйө тургандыгын көрсөтүүчү сан.

**КӨБӨЙТҮШ көбөйт** этишинин кош мамилеси.

**КӨБӨЙҮҮ көбөй** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨБӨЙҮҮЧҮ** *мат.* Көбөйтүүчүнүн бирдигине карата кайталанып арбый турган, көбөйө турган сан.

**КӨБӨК** *эск.* Ит.

**КӨБӨНӨК** *эск.* Кепин. *Көбөнөк кийгенден түңүл, кементай кийгенден түңүлбө* (макал).

**КӨБӨҢ** Убактылуу семирүү, көбүү, көпкөлөң тартуу, томпоюу, шишүү. *Ат көбөң тартып калды* (Элебаев).

**КӨБӨӨ** 1. Тондун этек-жендеринин жана тери шымдын багалектеринин сыртынан тегерете карматылган анча жазы эмес кездеме же көрпө. *Көрөмүн деп камынып, Көбөөсү кундуз жанатты* («Эл адабияты»). *Карыяны кубанткан, Карыш көбөө карматып Калдайтып кийген тон болот* (Осмонкул). 2. Суу жеген чуңкур, көбөөл. *Жарча келген бийикче, Эки жакты көбөөсү* (Молдо Кылыч).

**КӨБӨӨЛ** Жардын, жээктин ж.б. үңүлүп, оюлуп кеткен жери, оюгу. *Каныбек жарча зоонун алдындагы үңкүр сымак көбөөлгө кирди* (Жантөшев). *Орусбек суунун көбөөлүнө колун сала коёт* (Сыдыкбеков). *Таштын көбөөлү гана кара болбосо, башка жердин бардыгын кар каптаган* (Жантөшев).

**КӨБӨӨЛӨ** Көбөө кармоо, көбөө салуу. *Сакал-мурутуна муз тоңгон, көбөөлөгөн ак тончон Эсен* (Бейшеналиев).

**КӨБӨӨЛӨӨ көбөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨБӨӨЛӨТ көбөөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨБӨӨРҮ** Көпкөлөң тартуу, көбө баштоо, көбүү. *Жер-суу көбөөрүп, ойдуң, күнөстөрдө, жыландар сойлоп калышты* (Сыдыкбеков). || Семирүү, эт алуу, эти толо баштоо. *Көбөөрүгөн жылкыны, Катуу айдап салбаңар* («Эр Табылды»).

**КӨБӨӨРҮТ көбөөрү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨБӨӨТ көбөөл** менен бирдей. *Көптөн чыгып кай бирөө, Көбөөткө жатып албаса* («Эр Табылды»).

**КӨБӨР** *туурасы:* **көбөөл.** *Өзүбүз жолдун эки жагындагы көбөрүнө аңдып жатып алдык* («Ала-Тоо»).

**КӨБҮК** 1. Суюк заттардын бетине кайнаганда, чайкалганда же ачыганда көбүрүп чыгуучу, көбүнчө ак түстөгү масса. *Алдас уруп агып жаткан булактан, Ак көбүктөр четке карай чачылат* (Бөкөнбаев). *Кемпир бышкан сүттүн көбүгүн калпыды* («Жомоктор»). *Жаап жаткан көбүк кар анын сакалына жабышты* (Байтемиров). 2. Көбүргөн

массага айланган самындын эритиндиси. *Алексей самындын көбүгүн көбүртүп, башын жууп жатыптыр* («Аалам»). 3. Кээ бир жаныбарлар көбүнчө жылкы өтө чарчаганда, жүгүрүп талыкканда тер менен кошо көбүрүп чыккан агыш зат. *Ойноктогон Телтору ат көбүк чыга тер басты* («Курманбек»). 4. Ооздон көбүктөнүп чыккан шилекей. *Татыбектин оозунан көбүктөрү чачылып, сары чийкил өңү өзгөрдү* (Байтемиров).

**КӨБҮКТӨ** Көбүк чыгуу, көбүк пайда болуу, көбүрүү. *Буурakандап таштан ташка урунуп көбүктөп Терек-Суу агат* (Жантөшев). *Чаргындын минген жапалдаш кери соорусу көбүктөп, омуроосунан көк буу чыгат* (Сыдыкбеков).

**КӨБҮКТӨН** **көбүктө** этишинин өздүк мамилеси.

**КӨБҮКТӨӨ** **көбүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨБҮКТҮҮ** Көбүгү бар, көбүрүп турган.

**КӨБҮКЧӨ** Майда көбүктөр, анча көп эмес көбүк.

**КӨБҮНЕСЕ** **көбүнчө** менен бирдей. *Аңгеме көбүнесе Караколдогу окуп жүргөн балдар жөнүндө болуучу* (Элебаев).

**КӨБҮНЧӨ** Көп учурларда, негизинен, айрыкча, асыресе. *Асанбай бул колхозго келгенде көбүнчө Андрейдикине токточу* (Байтемиров). *Гүлнардын көбүнчө ык салышкан эжекеси–Зарыл* (Сыдыкбеков). *Бир топ кишилер мени, көбүнчө алдымдагы атты тиктеп калышты* (Каимов).

**КӨБҮҢКҮ** 1. Бир аз көөп калган, көтөрүлө баштаган, шишигенсиген, шишимик тарткан. 2. Бой көтөргөн, көпкөлөң тарткан, көбө баштаган. *Анын көңүлү көтөрүңкү, көөдөнү көбүңкү* («Чалкан»). *Ташбайдын агарган сакалдары кайра карара баштаган, ал тургай көбүңкү тартып да калгандай* (Сыдыкбеков).

**КӨБҮР** Көбүктөнүү, көбүк чыгаруу, көбүк чыгуу. *Темир мештин үстүндөгү кичинекей мискейдеги сүт көбүрүп келе жаткан* («Ала-Тоо»). *Сатар көбүргөн самынды алкымына кайра-кайра сүйкөйт* («Жаш ленинчи»). *Уу жуткандай көбүрүп, Ууртунан көбүк төгүлүп* (Токомбаев).

**КӨБҮРГӨН I** Жапайы пияз, тоо пиязынын бир түрү. *Кенже таң эртеңден кыздар менен бирге ышкын, кымыздык, көбүргөн терип ойноду* («Жаш ленинчи»). *Жеңиш көбүргөн үзүп, даамын татып, жыттап көрдү да, «жапайы пияз болсо керек» деп койду* («Жаш ленинчи»).

**КӨБҮРГӨН II** Көбүнчө колдун тырмактарынын түбүнө чыкчу жараат.

**КӨБҮРГӨНДҮҮ** Көбүргөн баскан, көбүргөн көп чыккан, көбүргөнү жыш, калың. *Көбүргөндүү көк жондун көбүргөнүн жеп көрдүм* (Бөкөнбаев). *Калың койлор көбүргөндүү көк беттин четин каптай берди* (Сыдыкбеков).

**КӨБҮРГӨНСҮ** Көбүктөй көбүрүп, көпкөнсү. *Бак-даракты каптап бубак, көбүргөнсүп дүпүйүп турат.*

**КӨБҮРСҮ** Көбүктөнүү. *Самынды көбүрсүтүп колун жууду* (Акматов).

**КӨБҮРТ** **көбүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨБҮРТМӨЛӨР** *зоол.* Узундугу 3–20 мм, жону түктүү, канат жапкычтары катуу чырылдактар түркүмчөсүнө жана соргуч курт-кумурскалар уруусуна кирген жандыктар. *Көбүртмөлөр өсүмдүк ширесин соруп жашайт.*

**КӨБҮРҮҮ** **көбүр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨБҮҮ I** **көп II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨБҮҮ II** *аңч.* Көп атылган жез, ствол.

**КӨГӨН I** Козу-улактарды, кээде кой-эчкилерди байлаш үчүн керип коюлган, майда буурчактары бар аркан. *Короонун ортосунда эки көгөн керилген* («Ала-Тоо»). *Койлорду көгөн тартып байлады* («Жомоктор»). *Көгөндө жаткан улактардын баарын агытып, энелерине кошушту* (Сасыкбаев).

**КӨГӨН II** *туурасы:* **көгөөн.**

**КӨГӨНДӨ** Көгөнгө байлоо, тизүү. *Балдар кечки козуларды көгөндөй баштaшты* («Жаш ленинчи»).

**КӨГӨНДӨЛ** **көгөндө** этишинин туюк мамилеси.

**КӨГӨНДӨӨ** **көгөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨГӨНДӨТ** **көгөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨГӨНДӨШ** **көгөндө** этишинин кош мамилеси.

**КӨГӨӨН** Чагуучу, кан соруучу чоң боз чымын. *Чиркейи да чагат, көгөөнү да кан сорот* (Токомбаев).

**КӨГӨР I** 1. Көк болуу, көк тартуу, көк түскө өтүү. *Түпсүз деңиздей түнкү асман көгөрөт* (Жантөшев). *Ачууга жеңдирген Серкебайдын эриндери көгөрүп, муруттары түктүйдү* (Сыдыкбеков). 2. Көпкөк болуп аябай үшүү. *Базарбайдын тамына барып, көгөргөн, тоңгон колун отко кактап отура калат* (Элебаев). 3. Нымда көп турган нерсенин бетине түктүү, үлпүлдөк, өңөр сыяктуу көк нерсе пайда болуу. *Күндө көгөргөн эски нан жейбиз* (Элебаев). 4. Көктөө, өсүү (өсүмдүктөр жөнүндө). *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар* (Осмонов). *Көчөттөр көгөрүп, тамырлап калыптыр* (Убукеев). 5. *өт.* Өсүп-өнүү, өркүндөө, жетилүү. *Сагынамын, сагынчаакмын Ошол жерден көгөргөм* (Токтомушев).

**КӨГӨР II** Оюндагысын, көздөгөнүн бербей тырышуу, көшөрүү, өжөрлөнүү, беттегенинен кайра тартпоо. *Аянбай Манас айкөлүң, Көгөрүп кууп алыптыр* («Манас»). *Намыска көгөргөн жаш кыз бул сапардан баш тартуучу жайы көрүнбөйт* (Сыдыкбеков).

*Адам көгөргөн кезде максатынан кайра тартпайт эмеспи* (Бейшеналиев).

**КӨГӨРТ I көгөр I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨГӨРТ II көгөр II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨГӨРҮҢКҮ** Көгүш тарткансыган, көгөргөнсүгөн. *Көгөрүңкү көрүнүштө болуп, айланада жаздын белгиси байкалгансыйт.*

**КӨГӨРҮҮ I көгөр I** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨГӨРҮҮ II көгөр II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨГҮЛДҮР** *туурасы:* **көгүлтүр.**

**КӨГҮЛЖҮМ** Көгүлтүр, көгүш, көгүрөөк тарткан. *Папиростун түтүндөрү көгүлжүм тартып, көтөрүлүп барып жок болот* (Баялинов). *Зыйнаттын субагай ак жүзү көгүлжүм тартты* (Токомбаев).

**КӨГҮЛЖҮН көгүлжүм** менен бирдей.

**КӨГҮЛТҮР** Көгүш түстүү, көгүлжүн. *Көгүлтүр асманда булуттар жай гана сүзүп жүрөт* (Абдукаримов). *Көгүлтүр көлдүн жээгинде сейилдеп баскан күндөр эстен кетеби* («Ала-Too»).

**КӨГҮЧКӨН** Анча чоң эмес, түсү ар түрдүү келген бакма жана жапайы канаттуу, кептер. *Бакма көгүчкөн. Жапайы көгүчкөн.*

**КӨДӨӨ I** Бетеге сыяктуу чөп өсүмдүгү, от. *Ойдуңдарга тулаң сыяктуу көдөө чөптөр чыгат* (Убукеев).

**КӨДӨӨ II** Малга (көбүнчө жылкыга) жана адамга чыгуучу жара, күйдүргү.

**КӨДӨӨЛҮҮ** Көдөө өскөн, көдөө чөп чыккан. *Көдөөлүү бет мелтирейт* (Жантөшев).

**КӨЖӨ** 1. Акталган таруудан, күрүчтөн же кесек тартылган дандан кайнатып жасалган суюк тамак. *Кырманчылар от жагышып, эртеңки көжөсүн кайнатууда* (Айтматов). *Алима Карыпка арпа көжөнү сунду* (Абдукаримов). 2. *диал.* Кесме. 3. Жарма. *Азык көжөнү кылып берип, жылуу жаап жаткызып койду.*

**КӨЖӨЛ көжөр** менен бирдей. *Армиядан келгенден кийин өзүм иштеген цехке барам деп, көжөлүп олтуруп алды* («Ленинчил жаш»). *Ата-энеси да канчалык айтса, көжөлүп тил алышпайт* (Абдукаимов). *Келе жатат Тайтору эрегишип, көжөлүп* (фольк.).

**КӨЖӨР** Көшөрүү, өжөрлөнүү, көгөрүү. *Көжөрүп тил албай коюу. Көжөрүп жатып алуу.*

**КӨЗ** 1. Адамдын, жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү. *Бала көзүн ушалап өйдө турду* («Жаш ленинчи»). *Көзү бутүйгөн бирөө үйдүн ичин айландыра карады* (Жантөшев). *Малдын көзүнө көрүнгөндөй от калбаптыр, жер такыр болуп кетти. Журт которуп көчүү керек* («Ала-Too»). *Көздөрүмдүн нурларынан кечтелеп, Жолдоруна гүлдөр эктим Энтелеп* (Мамазаирова). 2. Башка эмес, нак өзү, дал өзүнүн көрүнүшү, турпаты. *Жоголгон буюмуңдун көзүн таанысаң, алгын, балам* («Чалкан»). *Жоголгон малыбыздын көзүн таанып турабы* («Ала-Too»). *Балдарымдын көзүн көрсөм эле ыраазымын* (Абдукаримов). *Көзүм барда айтайын, Көргөнүмдү калкыма* (Токтогул). 3. Бир нерсенин тешиги, жылчыгы, ачык бөлүгү, көзөнөгү. *Ийненин көзү. Терезенин көзү. Тузактын көзү.* ‖ Пайда болгон, чыккан жери (мис. булактын). *Булактын көзү капкара болуп көрүнүп турат* (Таштемиров). 4. Кур-жүндүн же бир нече бөлүктүү башка нерсенин айрым бөлүгү, бөлүк-бөлүк чөнтөктөрү. *Акматтын эки куржун көзү китеби боло турган* (Жантөшев). *Куржундун бир көзүнөн эки кагаз чай чыкты* (Жантөшев). *Шкафтын бир көзү толтура китеп экен* («Ала-Too»). 5. Шакектин же башка нерсенин кичине асыл таш, мончок ж.б. орнотулган жери, бөлүгү. 6. Күндүн, айдын ж.б. бети. *Күндүн көзүн булут каптады* (Жантөшев). *Жылтырайт бак ичинен айдын көзү* (Шүкүрбеков).

**КӨЗ АЙНЕК** Көзү жакшы көрө албаган учурда же көздү нурдан же башка нерседен сактоо максатында тагына турган эки айнектүү оптикалык буюм. *Динар тагынган көз айнек чоң эненин көптөн сактап келаткан буюму* (Сыдыкбеков).

**КӨЗ АЙНЫГАН** Көз тайгылган, көз жетпеген. *Көз айныган мунарык Чөлгө түштү Эр Төштүк* («Эр Төштүк»).

**КӨЗ АЙЫРБОО** Бирөөнү же бир нерсени тигилип көпкө карай берүү, тиктөө, тиктеп тура берүү. *Көпөлөктү көргөндө, Эки көзүн айырбай, Жүгүрүшөт балалык* (Токтогул). *Ойлоп-ойлоп көңүл толкуп, Көз айырбайм бул жерден* (Маликов). *Батийна алардан көз айырган жок* (Сыдыкбеков). *Келаткан аялдан көзүмдү айырбай, бушуркөп кайра-кайра карай бердим* («Ала-Too»). *Соопкер колун жая дубананын оозунан көз айырбай тиктеп турат* (Осмоналиев). **В.: Көзүн албоо.** *Алымкул башын көтөрбөй, Буурсун жиреп бараткан, Бороздон көзүн албады* (Абдукаримов). *Жапар Жамыйладан көзүн албады* (Баялинов).

**КӨЗ АКЫ** Кандайдыр бир ишти, же бир нерсени көрүп-билип жүргөндүгү, же ал иштин жакшы натыйжалуу болушуна тилектештиги, ниети туура экендиги үчүн тиешелүү деп эсептелген үлүш, энчи, салым. *Чеченде жалпынын сөз акысы бар, байда кедейдин көз акысы бар* (макал). *Бүгүнкү ийгиликке менин да көз акым бар* (Касымбеков).

**КӨЗ АЛДЫНАН КЕТИРБӨӨ** Кайра-кайра элестете берүү, эсинен чыгарбоо, унута албоо. *Гүлайым жан курбусу Алымкулду такыр көз алдынан кетирбейт* (Абдукаримов). *Ай, кагылайын Алтынай ай! Баягы Алтынай жок, анын акыркы элесин алигиче көз алдыман кетире албайм* (Жантөшев). **В.:**

**Көз кырынан кетпөө.** *Майда-чуйда значоктор да көз кырынан кетпеди* (Байтемиров).

**КӨЗ АЛДЫНДА БОЛУУ** Бирөөнүн карамагында, көзөмөлүндө болуу. *Мен ал кезде ата-энемдин эмес, жездемдин көз алдында болдум.* (Элебаев). *Энеңдин көз алдында жигит болдуң* (Маликов). *Оо, андагы булардын балалык кези эмгиче көз алдымда* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ АРТУУ** Бир нерсеге абдан кызыгуу, суктануу, жетсем деп эңсөө же бирөөнүн бир нерсесин менчиктеп алсам, өзүмдүк кылып алсам деп сугалактык, ач көздүк кылуу. *Карып бул кызга көптөн бери эле көз артып жүргөн* (Абдукаримов). *Зарыл экөөбүзгө көз артчу жигиттер сапар тартышты* (Сыдыкбеков). *Ач көз өлсө да дүнүйөгө тойбойт, Бирөөгө көз артканын койбойт* (Шүкүрбеков). *Кедейдин күлүк аты, жакшы жары болсо, ошого көз арткан бай-манаптын ит оорусу бар эле* (Баялинов).

**КӨЗ АЧКАНДАН БЕРИ** Төрөлгөндөн, жарык дүйнөнү көргөндөн бери, жарыкчылыкка келгенден бери. *Мунун баары көз ачкандан бери канына сиңип, абдан маш болуп алган кесиби эле* (Укаев). **В.: Көз ачканы.** *Бечара бала көз ачканы багы бир ачылбады* («Ала-Тоо»). *Адам көз ачканы түйшүккө малынып жүрүп өтүп кетеби?* (Ашымбаев).

**КӨЗ АЧКАНЫ** *к.* **көз ачкандан бери.**

**КӨЗ АЧКЫЧА** *к.* **көз ачып-жумганча.**

**КӨЗ АЧУУ** Бир нерсени жаңыдан таанып биле баштоо, илим-билимге ээ болуу. *Тагынып билим деген өткүр жарак, Көз ачып аны менен алга барат* (Абдыраманов).

**КӨЗ АЧЫМГА** *к.* **көз ачып-жумганча.**

**КӨЗ АЧЫП-ЖУМГАНЧА** Бир заматта, бир паста, арыдан-бери, өтө тез, дароо. *Бирок, бактылуу турмуш көз ачып-жумганча бүлүнүп, эзелки таз кейпине келишти* (Каимов). *Суроолуу ой, көз ачып-жумганча бардыгынын көңүлүндө кайталанды* («Советтик Кыргызстан»). *Сай сөөгү сыздаган Батийна көз ачып-жумганча бөктөрүнчөктү жукалай салып, Канымбүбүнү учкаштырып алды* (Сыдыкбеков). **В.: Көз ачкыча.** *Көрүнүп турган Үргөнчкө көз ачкыча барайын* («Семетей»). **Көз ачымга.** *Алмамбет, Чубак эр Сыргак, Ошол үчөө болбосо, Калганын көз ачымга койбойбуз* («Манас»). *Чарт-чурт этип чоң аймакты көз ачымга жарык кылган чагылгандай ал шаардын бир бурчун жаңыртып өттү* (Мырзаев). **Көз ирмегенче.** *Дүр тигилип, көз ирмегенче шак тартып ийген уланга кыбасы кана тамшанды* (Бейшеналиев). **Көз ирмемде.** *Эдиги көз ирмемде адамдардын бакылдагы чыккан үйгө жетти* (Осмоналиев). *Ошентип, көз ирмемде Ажар Айнадан ажырап калды* (Жоошпаев). **Көз ирмемге келбей.** *Көз ирмемге келбей албеттүү колдор ал экөөнү паравозго тартып алды* (Абдукаримов). *Агалуу, инилүү экөө бирдей көз ирмемге кыйылыша жетимдикти эскеришти* (Бейшеналиев). **Ачып көздү жумганча.** *Айтып оозун жыйгыча, Ачып көздү жумганча* («Сейтек»). *Андай-мындай дегиче Ачып көздү жумганча* («Эр Төштүк). **Ачкан көзүн жумганча.** *Биздин Кийизбай эмне? Ачкан көзүн жумганча кедей болду да калды* (Сыдыкбеков).

**КӨЗ АЧЫП КӨРГӨН** Биринчи төрөлгөн, эң алгачкы кубанычы болгон баласы же биринчи келген келинине карата колдонулат. *Оозумду ачып өпкөнүм, Көзүмдү ачып көргөнүм* («Сейтек»). *Көз ачып көргөн тун баласын салт менен үйлөнтсө кантет* (Сыдыкбеков). *Гүлшанымды көрсөм дейт. Кантсе да, көз ачып көргөн келгини, жалгыз келини* (Даникеев).

**КӨЗ АЧЫРБАЙ** 1. Бир заматта, тез эле, бир паста. *Алмамбет, Чубак кабылан Көз ачырбай жеткидей, Кыргын салып өткүдөй* («Манас»). 2. Мүмкүнчүлүк бербей, тынымсыз, кайра-кайра, үстү-үстүнө, дембе-дем, удаа-удаа. *Жазгы жамгыр көз ачырбайт* (Айтматов). *Айтор, бий, болуштар ырамат, налогдон көз ачырбай отуруп, бизди түгөл итке минген томояк кылды го* (Элебаев). *Залимдер көз ачырбай, жыл сайын алык-салыкты арбытты* (Бейшеналиев). *Түндөтөн бери көз ачырбай асман жерди чалкакейлеп турган ак жаан бешимден оогондо гана сээлдеди* (Өмүрбаев). *Өткөн күнү кечке көз ачырбай жамгыр жаап, Күлү жайыттан отунсуз кайтты* (Осмоналиев).

**КӨЗ БАЙЛАНГАН КЕЗ** Күүгүм кире, каш карайып эч нерсе көрүнбөй калган убак, иңир. *Көз байланган кезде гана ар үй өз очогуна от жагып тыным алышат* (Укаев). *Көздөгөн жерге чарчап-чаалыгып, көз байланган кезде жеттик* («Чалкан»). **В.: Көз байланган учур.** *Көз байланган учурда Керимакун базар жактан келди* (Жантөшев). **Көз байланган убак.** *Көз байланган убакта айыл тарапка канчалык карашса да тосуп чыгар Ыйсанын карааны көрүнбөдү* (Осмоналиев). **Көз байланган чак.** *Көз байланган чакта жылдыздар көк бетине жайнап чыга келди* (Укаев).

**КӨЗ БАЙЛОО** Билдирбей, сездирбей дуба менен сыйкырлоо, азгыруу, алдоо деген мааниде. *Дуба окуп, көз байлап, Жер астына сиздерди Азгырып алып кириптир* («Эр Төштүк»). *Беделин көргөн чочуган, көз байлаган сыйкырды Көбүрөөк даана окуган* («Сейтек»). *Дем салып, никеге чейин көзүн байласын* (Бөкөнбаев). *Ал толготкон катындын, Көзүн байлап салчу экен* («Сейтек»).

**КӨЗ БОЁМОЧУ** Алдамчы, жазгырма, калпты чындай кылып көрсөтүүчү, көз жазгырууучу. *Мейманканада жатып «Терисин тешип чыгар күнөө жасаган көз боёмо-*

*чулар» деген макала жаздым* (Осмоналиев). *Иштин бардыгын ошондой калпычы, көз боёмочулар бүлдүрөт эмеспи* (Жантөшев).

**КӨЗ БОЛУУ** Көзөмөлдөп, ээлик болуп туруу, каралашып, кайтарып туруу. *Энем өлгөн соң, анын ордун басып, жетимдерге көз болууга Бурмаке кемпир келди* (Элебаев). *Четке чыккандан кийин өзүңөрдөн кичүүлөргө көз болуп жүргүлө, балам* (Абдукаимов). *Мен келгенче койлорго жакшылап көз бол* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ БООЧУ** Көңүлүн башка жакка буруп алаксытуу менен жалган ишеним пайда кылуучу сыйкырчы, сыйкырлап коюучу. *Сен балдардын атасысыңбы же көз боочусуңбу?* (Жантөшев). *Күндүзүндө Кыязды, Жан кубантып жалдаптыр, Түн киргенде Кыязды, Көз боочу салып алдаптыр* («Сейтек»). *Ыраңдуу түздү жайлаган, Көз боочу болуп дубалап, Адамдын көзүн байлаган* («Сейтек»).

**КӨЗ ЖАЗГЫРУУ** Билинбей туруп жылт коюу, заматта, байкатпай, кайда кеткенин билгизбей жок болуу. *Тосмого камалган кулжадай даяр бута болбой көз жазгырсамбы дейм* (Бейшеналиев). *Сен элди алдап, көз жазгырмайыңды качан коёсуң* (Сыдыкбеков). *Алыска көз жазгырып кетүү керек экен, – деп өкүнө түштү да, – Ай, мейли деп кол шилтеди* (Укаев). *Ач кенедей жабышып тургандардан көз жазгыра албадым* (Жантөшев). **В.: Көз жаздыруу.** *Заматта көз жаздырып кетти* («Чалкан»). *Аларды көз жаздыруу кыйын болду* («Ала-Тоо»). *Кылт этип көз жаздырып качып турган, Акылай Ала-Тоонун түлкүсү да* (Турусбеков).

**КӨЗ ЖАЗДЫГЫ** Көздүн асты жагы. *Көз жаздыгы шишик тарткан жарчысы Жүрөгүнө колун басып сүйлөдү* (Токомбаев).

**КӨЗ ЖАЗДЫГЫНДА БОЛУУ** Көз алдында, көз кыйыгында болуу, байкап туруу. *Жолдун тыягына бир, быягына бир чуркап ээрчий келаткан ок жетпес баятан Динардын көз жаздыгында болучу* (Сыдыкбеков).

**КӨЗ ЖАЗДЫМ КЫЛУУ көз жазгыруу** менен бирдей.

**КӨЗ ЖАЗДЫМЫНДА КАЛУУ** Байкалбай, билинбей, көңүлгө алынбай калуу, эске алынбай, эскерилбей калуу. *Райондук маданият үйүндөгү экинчи жолу ачылып жаткан көргөзмө көпчүлүктүн көз жаздымында калбады* («Кыргызстан маданияты»). *Кашар маселеси көз жаздымында калганына өкүндү* («Кыргызстан маданияты»). *Мындай уурулардын көз жаздымында калышы, көзөмөлгө алынбагандын кесепети канчалык зыянды алып келбеди* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Көз жаздыгында калуу.** *Орчундуу иштерди көз жаздыгында калтырууга болбойт* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗ ЖАЗДЫРУУ** *к.* **көз жазгыруу.**

**КӨЗ ЖАЗУУ** Адашуу, адашып табышпай калуу. *Караңгыда бир-биринен көз жазып калган жигиттер Календин буйругун угуп, аттын башын шашылыш буруп жатышты* (Укаев).

**КӨЗ ЖАРА** Сарыгарт.

**КӨЗ ЖАРУУ** 1. Төрөлүү, жарык дүйнөгө келүү (балага карата). *Шамшынын токоюнан сомдоп артына келген куу арчадан жакында көз жаруучу наристеге бешик жасатууда* (Бешеналиев). *Таң аппак атып калган кезде бала көз жарды* («Ала-Тоо»). *Ушул курсактагы бала аман-эсен көз жарса, Айымжандын койнуна салып берем* (Сыдыкбеков). *Бала да өз саатында көз жарат* (Сыдыкбеков). 2. Төрөө, боюнан бошонуу, бала төрөп алуу, балалуу болуу (аялга карата). *Сейдеке, ырысың бар экен, келиниң аман-эсен көз жарып, башыңа баш кошулуп олтурат, – дешип кемпирлер бака-шака* (Өгөбаев). *Ошентип, Мүйүздүү Бугу-Эне жетип келери менен зайып көз жарат* (Айтматов). *Кудай кошкон жубайынын аман-эсен көз жарып алуусун алдадан үч убак тилеп жүрөт* (Бердикеев).

**КӨЗ ЖАШ** 1. Адамдын же жан-жаныбарлардын көзүнөн аккан жашы. *Сейденин көз жашы көл* (Айтматов). *Көз жаш көздү бузат.* 2. Бирөөнүн убал – сообу. *Жетимдердин көз жашы сени уктатпас* (Айтматов).

**КӨЗ ЖАШЫ КЫЛУУ** Кичине, бир аз ыйламыш болуу, анча-мынча ыйлаган болуу. *Мисирейген карабет, жок дегенде көз жашы кылып койбойт дешип, мени жекире башташты* (Жантөшев).

**КӨЗ ЖАШЫН КӨЛ КЫЛУУ** Өксөп ыйлоо, көз жашы тыйылбай ыйлоо. *Агасынан тирүүлөй бөлүнгөн кыз тамак да ичпей көз жашын көл кылып, боздоп гана отурат* (Өмүрбаев). *Көз жашын көл кылып жатып каза болду* (Абдукаимов). **В.: Көз жашын көлдөтүү.** *Асылгүл эми көз жашын көлдөтпөй, кадимкидей соолуга түштү* (Медетов). *Кезегинде көз жашын көлдөтүп, Чоюбекке чоң калыңга сатканбыз* (Бейшеналиев).

**КӨЗ ЖАШЫНДАЙ** 1. Тунук, таза, аруу. *Көз жашындай шүүдүрүм таңкы розанын көркүн ачат* (Сыдыкбеков). 2. Аз, кичине. *Көз жашындай тапкан анын азыноолак маянасы кийим-кечек дегениң мындай турсун, тамак-ашка көп анчалык жете бербейт* (Баялинов). *Көз жашындай немени (аракты) алып эле ий* (Сыдыкбеков). *Өткөн жумада атасынан келген көз жашындай акчаны окуусуна, квартирине төлөп, эми эки күндүк тамактык гана акчасы турат* (Баялинов).

**КӨЗ ЖЕТКИС** Өтө алыс, учу-кыйры жок, чектөөгө мүмкүн болбогон, абдан узак, болжолсуз. *Өрдөктөр көз жеткис жакка учуп кетишти* («Жаш Ленинчи»). *Зал дегенди карасаң төрт бурчуна көз жеткис, калк деген бык-бык* («Советтик Кыргызстан»). *Көз жеткис мобул терең жар, Капчыгай менен барабар* (Маликов).

**КӨЗ ЖИБЕРҮҮ** *к.* **көз жүгүртүү.**

**КӨЗ ЖООСУН АЛУУ** Кызыктыруу, өзүнө тартуу, сүйкүмдүү көрүнүү, суктандыруу. *Адамдын көз жоосун алган, жаратылышынын коодзугуна суктанткан момундай асыл жерди көр* (Осмоналиев). *Менменсинген жигиттердин көз жоосун алган Сонунбалага сиз кантип жеттиңиз?* («Ала-Тоо»). *Көркөмү көздүн жоосун алган мынабу үйдүн ичи кандайдыр бир шаңга бөлөнгөн* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Көз жоосун тартуу.** *Жайытка батпай мал жатат, көз жоосун тартып шаңданган* (Токобаев). *Өрдөгөн сайын карагат, ит мурун, бадалдар, жапалак арча, мажирөө тал... жолоочунун көз жоосун тартууда* (Бейшеналиев). **Көз жоосун түшүрүү.** *Жакшынакай үйлөргө көз жоосун түшүрө секретарь кубанып бара жатты* («Кыргызстан аялдары»). **Көз жоосун кычыштыруу.** *Султангазылар мөрөйлөрү үстөмдөгөндөй каалгыйй басыша... Касымбектердин көз жоосун ого бетер кычыштырды* (Бейшеналиев).

**КӨЗ ЖУМДУГА САЛУУ** Кандайдыр бир иш ж.б. эптеп-септеп бүтүрө коюу, жүр-нарыга салуу, чала-була бүтүрүү, будамайлап иштей салуу, тобокел кылуу. *Ушуну билип, көзү жетип туруп, жоопкерчиликтен качып, көз жумдуга салууга анын акысы барбы?* (Кушубеков). *Сабийра бул өңдүү ойлорго көп баткан сайын акыры баарына кол шилтеп, көз жумдуга салды* (Абдукаимов). **В.: Көз жумду кылуу.** *Сооронбай аны «көп болсо чокунуп келер» деп көз жумду кылып жөнөткөн* (Бейшеналиев). *Балдарда не жазык, дагы төрөп берсе болгону деп жуучулар көз жумду кылды* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗ ЖУМУУ** 1. Өлүү, каза болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Атасын канжыгага байланып жүргөн адам жок, бир күнү Момун чал да көз жумат, ошондо шордуу кызынын көргөн күнү не болот?* (Айтматов). *Коллективизация кезинде ак ниеттүү нечен адамдар душман колдуу болуп көз жумушкан* («Кыргызстан маданияты»). *Кайран Музооке абабыз аз гана ноокастап көз жумду* (Бейшеналиев). *Курбуңуз Медер көз жумду Каракчы немец огунан* (Маликов). *Көз жумуп келбес сапар кетсе дагы, Өчпөстөн кала берер кылган иши* (Бөкөнбаев). 2. Жалтануу, коркуу, калтааруу. *Көз жумбай жоодо чабышат Дээринде бар эр киши* («Мендирман»). 3. Тобокел кылуу, белсенүү, мейлиге салуу, капарга албоо, билсе да билмексен болуу. *Алар-албасына көзү жетпеген Асан көз жумуп мейли деп айтканына көндү* («Ала-Тоо»). *Ал алды-артын ойлоп, баш катырып отурбастан, өзүн тоскон кубанычка да, күйүнүчкө да, өлүмгө да көзүн жуумп коюп илгери карай кете берет* (Укаев). *Бул жолу байбичеңиздин амал-айласына көз жуумп коё албайсың!* (Сыдыкбеков). *Эмне болсо ошо болсун деп, турмушта көз жуумп жүрө берип, капыстан бет алдынан каргаша жолукту* (Абдукаимов). **В.: Көздү жуумп.** *Чаап алмак беле, табып катары көздү жуумп барууга чыгынды* (Бейшеналиев). *Тобокелге салып, көздү жуумп бир чыгарма жазайын дедим эле* (Кыдырмышев). **Көзү жумулуу.** *Аялынын артынан аздан кийин атасынын да көзү жумулду* (Шүкүрбеков). *Кандайча көмүшүбүз керек, эгер көзүңүз жумулуп кетсе* (Осмоналиев).

**КӨЗ ЖҮГҮРТҮҮ** 1. Үстүртөн, жалпысынан байкоо жүргүзүү, бир сыйра айландыра карап чыгуу, үстүртөн байкап көрүү. *Жапар кызыл үйдүн ичинде көз жүгүртүп келип, Зулайка менен Зейнештин жазып жаткан газетасын көрдү* (Баялинов). *Ал менин тулку боюма бир сыйра көз жүгүртүп чыкты* («Ала-Тоо»). 2. Тез-тез карап, окуп таанышып чыгуу. *Кагазды алды, бүктөөсүн жазып көз жүгүрттү* («Ала-Тоо»). *Байымбет жубайынын тизме кагазына көз жүгүртүп чыкты* (Бейшеналиев). **В.: Көз чаптыруу.** *Каныбек айланага көз чаптырды* (Жантөшев). *Жумушчуларга көз чаптырды да баланы колтукка түрттү* (Баялинов). *Асылбек айлана-тегеректе көз чаптырып, эч ким көрүнбөйт дегендей белги берди* (Жоошбаев). **Көз жиберүү.** *Саадат астыртан айыл жакка көз жиберип, ойлуу отурат* (Сыдыкбеков). *Айдай алдыртан көз жиберип, Бекендин таңыркоосун байкап акырын гана жылмайып коёт* (Каимов).

**КӨЗ ИЛБӨӨ** *к.* **көз ирмебөө 1.**

**КӨЗ ИЛИНДИРҮҮ** Бир аз уктоо, кичине чырм этип алуу. *Дос таң алдында гана бир сааттай көз илиндирди* (Укаев). **В.: Көз илинтүү.** *Кален, чарчаган чыгарсың, азыраак көзүңдү илинтип, куш уйку салып алсаңчы, – дегиси келди* (Укаев).

**КӨЗ ИЛИНҮҮ** Үргүлөп кетүү, уктап кетүү. *Мыктынын көзү илинип кеткеи экен* (Касымбеков). *Аздан кийин Жылдызкандын чыйрыкканы жазылды, ал түгүл көзү илинип да кетти* (Байтемиров). *Ыйлап жатып Чыйырды Чырм этип көзү илинди* («Манас»). *Ал аңгыча кашайып көзүм илинип кетиптир* (Айтматов). *Сай-сөөгү сыздап жатып жаңыдан көзү илинип кеткен Дүйшөнкул чочуп ойгонду* (Осмоналиев).

**КӨЗ ИЛИШПӨӨ** *к.* **көзгө илишпөө.**

**КӨЗ ИРМЕБӨӨ** 1. Уктабоо, уктай албоо, кирпик какпоо, уйку бетин көрбөө, такыр уктабай чыгуу. *Түнү бою көз ирмебей из караган, Алыста маекчинин чырагы өчтү* (Осмонов). *Ышкынаалы ал түнү таң аткыча көз ирмебей чыкты* (Байтемиров). 2. Жалтанып да койбоо, эч жазганбай тике кароо. *Айбалта колго алышып, көз ирмебей салышып* («Манас»). **В.: Көз илбөө.** *Кален бүгүнкү түнү бир айла табуу керек экенин ойлоп, түнү бою көз илбеди* (Укаев). *Кээ түнү чочулап таң атканча көз илбей чыгат* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ ИРМЕГЕНЧЕ** *к.* **көз ачып-жумганча.**

**КӨЗ ИРМЕМ** Өтө тез убакыт. *Бул өмүрүң – көз ирмем* (Даникеев).

**КӨЗ ИРМЕМГЕ КЕЛБЕЙ** Өтө тез. *Көз ирмемге келбей албеттүү колдор ал экөөнү паравозго тартып алды* (Абдукаримов).

**КӨЗ ИРМЕМДЕ** *к.* **көз ачып-жумганча.**

**КӨЗ ИРМӨӨ** 1. Көздү улам-улам ачып жабуу. *Жанагы көзүн ирмеген атаңбы?* (Баялинов). 2. Уктоо, бир аз тук этип алуу. *Башыма жаздык төшөп берчи, кичине көз ирмейин* (Бейшеналиев).

**КӨЗ КАДОО** *к.* **көзүн кадоо.**

**КӨЗ КАЙКУУ** Учу-кыйрына көз жетпей мелмилдөө, өтө чоң, абдан көп болуп көрүнүү, суктандырып мелтиреп, жайылып жаткан абалда болуу. *Жүрүп отуруп көз кайкыган талаага туш келдик* («Ала-Тоо»). *Соң-Көл жайлоосунун Ак-Сай, Көк-Сай өндүрүндөгү буралган бетеге, жылтыркан, тулаң, кымыздык, козу кулак, шимүүр, улаpгүл, аккодол аралаш жыпар жыт чөптөрүн араласаң көз кайкыйт* (Бейшеналиев).

**КӨЗ КАРАНДЫ** Өз алдынча, өз эркинче боло албаган, бирөөнүн колун караган, ага баш ийген. *Окууну бүткөн соң, сураары жок көз каранды жетим, Шабдандын талабы боюнча анын карамагына тилмечтикке жиберилиптир* (Бейшеналиев). *Ар кимден жардам сурап, ыража сурап, көз каранды болуунун кимге кереги бар* (Бердикеев).

**КӨЗ КАРАНДЫЛЫК** Өз алдынча, өз эркинче боло албагандык, бирөөнүн колун карап, анын айткан, дегени менен болгондук. *Илгерки жалтаңдык, көз карандылыктан кутулуп, тегиз өз башына өзү ээ* (Бейшеналиев).

**КӨЗ КАРАШ** 1. Бирөөнү кароо, көз кырын салуу аркылуу өзүнүн пикирин, кандай ойдо экенин билдирүү манерасы. *Тумакчан кишинин көз карашы Дашага жаккан жок* (Сасыкбаев). 2. Кимдир бирөө же бир нерсе жөнүндө пайда болгон ой, пикир, түшүнүк. *Педагог ата уулунун көргөн-билген окуясы туурасында оюн айттыруучу да, эгер бала туура эмес көз карашта болсо, аны дароо сөзгө алып, туура багыттап коёр эле* (Касымбеков). 3. Турмуш, табигат, коом туурасындагы жалпы түшүнүктүн, пикирдин системасы. *Материалисттик көз караш. Идеалисттик көз караш. Илимий көз караш.*

**КӨЗ КОРГООЧ** Көз салып, баш-көз болуп, кармалап тургандык. *Өзүм эле эртели-кеч көз коргооч болуп турам* (Убукеев).

**КӨЗ КӨРГҮС** *к.* **кулак угуп, көз көргүс.**

**КӨЗ КӨРСӨТҮҮ** 1. Каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө, тууган-туушкандарына көңүл айтуу үчүн баруу, кирип чыгуу, көрүнүп коюу. *Шаар ичинде бирөөлөрдүкүнө көз көрсөткөнү баратканбыз* (Жусупов). *Айылдагы а дүйнө кеткендердин үй-бүлөсүнө көз көрсөтүп кайттык* («Ала-Тоо»). *Тургула, көз көрсөткөнү кишилер келатат* (Айтматов). 2. «Келди», «болду», «катышты» деп эсептелиш үчүн белгилүү бир жайга баруу, кирип чыгуу, көрүнүп коюу. *Көз көрсөтүп коюп, ишке тийди-качты болуп жүргөндөр аз эмес* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Көз көргөзүү.** *Байымбет өзү бир сыйра өлгөнжиткенге көз көргөзгөн соң, Абдыкалыкты Нарынга жөнөттү* (Бейшеналиев).

**КӨЗ КӨРҮНӨӨ** Көзүнчө, каратып туруп, көз алдында, ачык, жашырбай. *Эми минтип эки үйүргө жакын жылкысынан көз көрүнөө ажырап, жер сыйпалап отурат* (Үмөталиев). *Сатарга ушуну менен эки жолу көз көрүнөө алдаттың* (Каимов).

**КӨЗ КӨРҮП, КУЛАК УККУС** *к.* **кулак угуп, көз көргүс.**

**КӨЗ КУМАРЫ** Көрүп маашырланып сонуркоо, ырахатка батуу, кумарлануу. *Көпкө чейин көз кумарына эле батып, кызга даап сүйлөй албадым* (Айтматов).

**КӨЗ КУМАРЫН КАНДЫРУУ** Бир нерсеге абдан ыраазы болгончо, моокуму канганча суктана кароо, каниет алуу. *Карай-карай жаратылыштын сулуулугуна көз кумарын кандырып, жолду улай нарыладык* (Бейшеналиев). *Чубалып турган пахтанын булалары кимдин болбосун көз кумарын кандырат* (Байтемиров).

**КӨЗ КЫЗАРТУУ** Суктануу, кызыгуу. *Госпиталда жатып Берлинге карай качырып бараткан майдандаштарымдын бактысына көз кызарттым* (Жигитов).

**КӨЗ КЫЙЫГЫН САЛУУ** Алдыртан тымызын кароо, акырын байкоо. *Нары четте мылтыкчан солдат мурутун салаңдатып, көз кыйыгын салып, чылым ороп турган* (Касымбеков). *Жылаңайлак өз бутуна көз кыйыгын салып, күрөң айгырдын түктөрүн такымынан күбүдү* (Осмоналиев). **В.: Көз кыйыгын имерүү.** *Букарбай жүрөгү шуу эте Мусакожого көз кыйыгын имерди* (Бейшеналиев). *Болкойгон сакалдуу жолоочу астыртан көз кыйыгын имерди* («Кыргызстан маданияты»). **Көз кыйыгын жиберүү.** *Отургандарга көз кыйыгын жиберди. Көз кыйыгын жиберип, акырын артынан карады* (Байтемиров). **Көз кыйыгын таштоо.** *Кален көл жакка көз кыйыгын таштады* (Укаев). **Көз таштоо.** *Керегелерде илбирс, карышкыр терилери илинген үй ичине Саякатчы көз таштады* (Ос- моналиев).

**КӨЗ КЫРЫН САЛУУ** 1. Каралашуу, жардамдашуу, жардам берүү, кам көрүү. *Өмүрлүү бол, зоболоң көтөрүлсүн, балдарга көз кырыңды сала жүр деген батасына тоюнду* (Ашымбаев). *Шордуу жетимчемдин сенден башка кимиси бар. Көз кырыңды сала жүрөрсүң, – деди Акбала өзүн кармай албай ыйлап жиберип* (Укаев). 2. Бир нерсени байкоо максатында көз жүгүртүү, астыртан кароо. *Анан Сабырбек тамекисин тарткан*

*болуп, бирок астыртан Бекбайдын жүзүнө көз кырын салып отурду* (Абдыраманов). *А офицер улам ага көз кырын салып, кайра алдындагы бирдемеге күймөлүп, колу ойсоңдоп, кайра көз кырын салып, кайра өзүнчө үңүлүп отурат* (Касымбеков). **В.: Көз салуу.** *Эне кургур Кудайбергенге көптөн бери көз салып жүрөт* (Мырзаев). *Айланайын журт, балама көз сала жүрө көргүлө* (Турусбеков). *Бала көлгө далысын сала бурулуп отурду да, дүрбүнү жанына алып коюп дөбөнүн этегине көз салды* (Айтматов).

**КӨЗ КЫРЫНАН КЕТПӨӨ** *к.* **көз алдынан кетпөө.**

**КӨЗ КЫЧЫШУУ** *к.* **көзү кычышуу.**

**КӨЗ МАЙЫ** Эмгеги, мээнети. *Бул ишке канча кишинин көз майы кетти* (Токомбаев). *Көз майың кайтсын балам* (Сыдыкбеков).

**КӨЗ МАЙЫ ТҮГӨНҮҮ** Бир нерсени кечке тиктеп, окуп же иштей берип көзүнүн курчу кетүү, көзү талуу, көзүнө күч келүү. *Кечке жылбай, козголбой отуруп, көз майың түгөндү. Чүтүрөйүп өңүңөн аздың* (Бейшеналиев). *Кыштай алаканы жооруп, көз майы түгөнүп, ишин иштеп берип, томсоруп куру алакан үйүнө кайтат* (Сыдыкбеков). **В.: Көз майы кетүү.** *Көз майым кетип жатып балама арнап жасаганымы отко салбадыбы, оң таппагыр* (Өмүрбаев).

**КӨЗ МЕЛЖИТКЕН** Учу кыйырына көз жетпеген, өтө кең, абдан чоң.

**КӨЗ МОНЧОК** Боорлоруна ак нерсе житирип койгон, чоңдугу койдун корголундай болгон, ырым катарында көз тийбес үчүн тагылган көгүлтүр мончок. *Көз тиет деп кызыма, «Көз мончок» тумар такканбы?* (Кыргыз элинин сүйүү ырлары).

**КӨЗ САЛУУ** *к.* **көз кырын салуу.**

**КӨЗ ТАЙГЫЛУУ** Өтө кооз, көркөм көрүнүү, кооздугунан, көркөмдүгүнөн көз уялуу, жалтануу. *Куштун жүнүнүн кооздугунан көз тайгылат* (Сыдыкбеков). *Карасам колхоз айлымды, Малыман көзүм тайгылды* (Маликов). *Кең жайыкта түшүргөн жүктөр менен кишилерден көз тайгылат* (Укаев). **В.: Көз таюу.** *Тоолор жашыл кымкаптай көз тайытып, нечен ирет кубулжуйт* (Жусупов). *Андагы эң кооз имараттарды караганда, тим эле көз тайыйт* (Кыдырмышев).

**КӨЗ ТАЙДЫРУУ** Тике карай албай көзүн ала качуу. *Бул киши өлтүрүүдөн тайманбайт деп ойлоп, Календен көзүн тайдырып кетти* (Укаев).

**КӨЗ ТАЛАШТЫРА** Көзгө түздөп, көзгө тууралап, далдап. *Мен аны көз талаштыра сүзгөн экемин* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ ТАҢМАЙ** Атайын бир кишинин көзү таңылып, ал киши башкаларды издеп, кармоого тийиш болгон элдик оюндун бир түрү. *Жаштар жоолук таштамай, ак чөлмөк, көз таңмай оюндарын баштады* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ ТАРАЗА** Көрүп же карап туруп болжолдоп ченегендик. *Же мүчөмдү көз таразасынан өлчөп, кандай кийим керектигин болжодубу* (Бейшеналиев). *Анын көз таразасы да оңой эмес экен, туура чыкты* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ ТАШТОО** *к.* **көз кыйыгын салуу.**

**КӨЗ ТИЙҮҮ** Элдик ишеним боюнча: ооруп калууга же башка кырсыкка дуушар кыла тургандай даражада биреөнүн сугу өтүү, көзүгүп калуу. *Энем көз тиет деп Түмөнбайын жаман көздөн сактаар жөнү бар* (Сыдыкбеков). *Көл болбой эгер кыз болсо, көз тиймек экен капкачан* (Сарногоев). *Ашка, тойго ээрчитсем көзү тиет деп, Аяп жүрөм баламды* («Эр Табылды»).

**КӨЗ ТОЙБОО** *к.* **көзү тойбоо.**

**КӨЗ ТОКТОТУУ** Жакшылап, абдан байкап кароо. *Байбиче тыныга уландын кабаккашына көз токтотту* (Бейшеналиев).

**КӨЗ ТОЮУ** Көргөн нерсесине канааттануу, ыраазы болуу, көңүлүнө толуу. *Көркөмдүү салган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). *Көк жашыл шибер тулаңга Көргөндүн көзү тойгондой* (Осмонкул).

**КӨЗ УЗАТУУ** Артынан карап калуу, көз ээрчите кароо. *Элден айбыккан кыз ачык коштошо албай көз узатып кала берди* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ УЧУНДА** Алыста, көзү жеткен жерде, көз алдында. *Көк муз жамынган төрлөрү да көз учунда мелтирейт* (Сыдыкбеков). *Ашым көз учунан жамыратып, дептерди кайра барактады* (Сыдыкбеков). *Жалгыз-жарымдаган салт атчан жолоочу көз учунда элес-булас өтөт* (Укаев). *Көз учуна араң-араң илинип, алыстан мунарыктап жаткан Арсланбап* (Өмүрбаев). *Ушул жашыл жондон туруп, көз учунда керилип жаткан өрөөнгө көз чаптырды* («Ала-Тоо»).

**КӨЗ УЯЛУУ** 1. Күндүн же башка жарык нурдун ж.б. чагылышынан көз жалтанып, тике кароого мүмкүн болбоо, карай албоо. *Күн ачык тийгенге жаңы жааган кардан көз уялат* (Сыдыкбеков). 2. Бир нерсенин кооздугуна, көркөмдүгүнө көз тайгылуу. **В.: Көз уялтуу.** *Үй жасалгасында көз уялткан килемкилчеден сырткары... китеп койгуч текче ж.б. бар* (Бейшеналиев).

**КӨЗ ЧАПТЫРУУ** *к.* **көз жүгүртүү.**

**КӨЗГӨ АТАР** Жазбай, таамай аткыч, атканы жаза кетпеген, мылтык атканга абдан маш болгон, мыкты, адис мергендиги бар. *Ээрчитип көзгө атардан эки мерген, Түн катып капчыгайда жолго келген* (Токомбаев). *А, мүмкүн чоңубуз чын эле көзгө атар мергендир, эмесе коёндун бутундагы жипти үзө атуу оңойбу* («Кыргызстан маданияты»). *Нурбай көзгө атар мерген болгон* (Баялинов).

**КӨЗГӨ БАСАР** 1. Жападан-жалгыз, бар болгону, турганы, биреө гана. *Көзгө басар жалгыз медерибиз эле, – дейт кемпир, карыш жылдырбай, таштап кетсең кагыла-*

*йын* («Ала-Тоо»). – *Катыгү-үн, бул көзгө басар, көрүп катар үлгүбүз* («Чалкан»). *Анын көзгө басар жалгыз кызы, оорудан карарып калыптыр* (Жусупов). 2. Бирден-бир, мыкты көрүнгөн, эл оозуна кирген, өзгөчөлөнүп турган. *Биздин көзгө басар сыймыгыбызга ушундайча кароого жарайбы, жолуң болгур!* (Каимов). *Чубагынын беттегенинен кайтпас көк жалдыгын билген Манас, көзгө басар оёндору бири-бирин кызыл-кыргын салбасын деп өзү аттанат* (Бейшеналиев). **В.: Көзгө тутар.** *Сенден апаң садага, көзгө тутар медерим* (Жоошбаев).

**КӨЗГӨ ЖЫЛУУ УЧУРОО** Мурда көрүп-билип жүргөндөй, тааныштай сезилүү. *Мунун баары да көзгө жылуу учурайт, бирок эмнегедир эстей албай жаттым* (Баялиев). *Ал жакындаган сайын басканы, кебетеси көзгө жылуу учурай берди* (Алыбаев). *Тилекмат экөө бир отуруп маектешкен жер Кабылдын көзүнө жылуу учурады* (Элебаев). *Биринчи көргөндө эле Сейдеш анын көзүнө жылуу учурады* (Бейшеналиев). **В.: Көзү жылуу учуроо.** *Сенин көзүң мага жылуу учурайт, кандайдыр бир жолугушкандайбыз* (Жантөшев). *Ырчы эмне үчүндүр аны тиктеп калды. – Токточу, балам! Көзүң жылуу учурайт* (Каимов). **Өңү жылуу учуроо.** *Балам, өңүң жылуу учурайт сен, кимсиң?* (Жантөшев).

**КӨЗГӨ ИЛБӨӨ** 1. Теңине албоо, киши катарына көрбөө, тоготпоо, өзүнөн башкаларга маани бербөө, теңсинбөө. *Сапарбайды көзгө илишпей жатсынтышат* (Сыдыкбеков). *Эмнесин айтасың, коңшубуз бизди көзгө илбей, кутуруп турат* (Абдукаимов). *Байсынып, бексинип мени көзгө илбей жатасың, Адыке, – деди жаны кашайган Казак тилин тартпай* (Сыдыкбеков). 2. Уялбоо, ийменбөө, тартынбоо, адеп, тартип сактабоо, ызаат кылбоо. *Бирок, азыр улуу-кичүүнү көзгө илбей бара жатат* (Сыдыгалиев). *Түлкүдөй мант берип турчуларды көргөндө ал жыйынды көзгө илбей эле сөгүнүп кирчү* (Медетов). **В.: Көзүнө илбөө.** *Бул катын эч кимди көзүнө илбей калды деп, айыл-апа Батийнаны айың кыла баштады* (Сыдыкбеков). *Аларды көзүнө илип да койбойт* (Сасыкбаев).

**КӨЗГӨ ИЛИНБӨӨ** *к.* **көзгө илээшпөө.**

**КӨЗГӨ ИЛИНҮҮ** *к.* **көзгө урунуу.**

**КӨЗГӨ ИЛЭЭШПӨӨ** 1. Өтө тез жүргөн, абдан ылдам жүгүргөн, бат кыймылдаган, тез чимирилген ж.б. көрүнүштө болуу. *Тоо эчкилер өтө жытчыл болот, кичине эле шамал үлп этип, киши тараптан жел келдиби, дароо жыт алат да, көзгө илээшпей зымырылат* (Таштемиров). *Станок көзгө илээшпей тегеренет* (Бөкөнбаев). *Ашырбекке тигинин буту-колу а дегенде жай кыймылдап, бара-бара көзгө илээшпей чимирик атып жаткансыды* (Ашымбаев). 2. Өтө майда, эң кичинекей, кымындай болуп көрүнүү, көзгө араң-араң көрүнгөндөй болуу. *Тээ көк асманда көзгө илээшпес нокоттой болуп торгойлор безилдеп, чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков). *Сааттын тетиктери көзгө илээшпейт.* **В.: Көзгө илинбөө.** *Караса көзгө илинбейт, Кашындагы жандардын кай кеткени билинбейт* («Манас»). **Көз илээшпөө.** *Самолёттор көз илээшпей каршы-терши учуп, кайта кайтып жатты* (Абдукаимов). *Атаа... береги неменин кесме кескенине көз илээшпейт* (Сыдыкбеков). *Машиналар көз илээшпей чымын-куюн болуп Фрунзе тарапка зымырайт* (Баялинов).

**КӨЗГӨ КӨЙГӨК БОЛУУ** Көзгө урунуу, көрүнүп туруп алуу, көз алдынан кетпөө.

**КӨЗГӨ КӨРҮНБӨӨ** Иштеген иши, кылган жумушу ж.б. эсепке алынбоо, бааланбоо. *Үй тиричилигинде канчалык чыйрактык кылды? Бул далалаттарынын бирөө да көзгө көрүнбөдү* (Осмоналиев). *Канчалык кунт коюп иштесең да иштеген ишиң көзгө көрүнбөйт, наааразы болосуң* («Ала-Тоо»). **В.: Көзүнө көрүнбөө.** *Менин кылган жумушум бул ырайымсыздардын көзүнө таптакыр көрүнбөйт* (Баялинов).

**КӨЗГӨ КӨРҮНӨРЛҮК** Алгылыктуу, бир нерсеге татый тургандай, арзый тургандай, ыраазы болгудай. *Иш жүзүндө көзгө көрүнөрлүк эч нерсе берген жок.* («Ала-Тоо»). *Көзгө көрүнөрлүк деле эч нерсе иштей элекмин, апа сенин мээнетиңди актай албай жатпаймынбы...* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗГӨ КӨРҮНҮҮ** 1. Бой тартуу, бойго жетүү, чоңоюп калуу. *Букөн көзгө көрүнүп, бой тарткандан бери эмнелер жөнүндө ойлонот* (Мырзаев). – *Кагылайын Алымкан, кечэ эле сакалымы кармалап ойноп отурган бала эле, бүгүн кара, жакшы гүлзардын гүлүндөй тез жетилип, көзгө көрүнүп калыптыр* (Касымбеков). 2. Таанылуу, белгилүү боло баштоо, дайын болуу (көбүнчө жакшы сапаттары боюнча). *Окушка өтүп калса, бая баланчанын баласындай болуп деп көзгө көрүнүп, эл оозуна илингиси бардыр* (Өмүрбаев). *Эмгеги менен элге таанылды, көзгө көрүндү, сөзгө илинди* («Советтик Кыргызстан»). 3. *дин.* Сыйкырдуу күчтөр көз алдыга тартылуу, элестөө, аян берүү деген сыяктуу мааниде. *Булактын ээси ак тайлак көзгө көрүнүп, үйүнө тил-оозу жок келиптир* («Ала-Тоо»).

**КӨЗГӨ САЙСА КӨРҮНГҮС** Абдан караңгы, капкараңгы, көрүүгө мүмкүн эмес, өтө караңгы. *Не бир көзгө сайса көрүнгүс, айсыз түндө да өзү жалгыз чыгат* (Укаев). *Сени менен сүйлөшкөн адам көзгө сайса көрүнгүс түндө жол жүргөн жолоочуга окшойт* (Медетов). *Күздүн көзгө сайса көрүнгүс нөшөрлүү түндөрү* (Борбиев). *Көзгө сайса көрүнгүс. Карыш жыла албай койдум* (Байтемиров).

**КӨЗГӨ САЮУ** Көрсөтүү, үйрөтүү. *Кимден кемчилик көрсөк, көзгө сайдык, оңдоштук, кемелине келген ишибиз үчүн алкоо уктук* («Агым»). *Көзгө саймайын эч бир ишти жасабайсың* (Касымбеков).

**КӨЗГӨ СҮРТӨР** Абдан муктаж болгон, эч табылбаган, такыр жок, өтө зарыл деген сыяктуу мааниде. *Мындай күткөн учурда көзгө сүртөргө дары болгондорун карачы* (Бейшеналиев). *Аны колдон алышып, көзгө сүртөргө табылбай турган дарыдай көрүштү* («Кыргызстан маданияты»). *Башка көзгө сүртөр эч ким, эчтеке жок* («Кыргыз туусу»). **В.: Көзгө сүртүүгө.** – *Көптөн бери көрүнбөй көзгө сүртүүгө дары болдуң го* (Айтматов). *Адис кадр көзгө сүртүүгө табылбайт турбайбы, ушу күндө* (Өмүралиев). **Көзгө сүрткөнгө.** *Көзүбүзгө бир сүрткөнгө кумардар, сакадай бою сары алтын абышка турмуш энчилеген кадимки пенделик ролун кандай өтөп жатат* («Ленинчил жаш»). **Көзгө сүртөрлүк.** *Ал эми элетте китепти шар окуган адам көзгө сүртөрлүк* (Бейшеналиев). *Экен-токондо көзгө сүртөрлүк айтылуу өнөрпоздордун негедир Чокундуктукуна токтогонуна мартабалуулар чыкчырылып олунууда* (Бейшеналиев).

**КӨЗГӨ СУУК КӨРҮНҮҮ** Көрүнүшү, кебете-кешпири жаман, жагымсыз сезилүү, адам иренжигидей көрүнүштө болуу, өөн учуроо. *Айганыштын каны качып, кумсарып, көзгө суук көрүндү* (Байтемиров). *Демек, дардайган корукка суу жетпей куурап турса, көзгө суук көрүнөрү бышык* (Бейшеналиев). **В.: Көзгө суук учуроо.** *Анын кейпи негедир көзгө суук учурады* («Ала-Тоо»). **Суук көрүнүү.** *Жылдызкансыз үйдүн ичи мүрзөдөй суук көрүндү* (Байтемиров).

*Токтонбойт санаа, көңүлүм, Элиме суук көрүндүң* («Кедейкан»).

**КӨЗГӨ ТОЛУМДУУ** Сындуу, келишимдүү, көңүлгө толорлук. *Көз карашы жоодуржоош, сымбаты да өзүнө жарашыктуу, көзгө толумдуу эле* (Айтматов). *Көзгө толумдуу, көңүлгө жугумдуу, – деп өзү да жаркылдап, оолжуп кетти* (Касымбеков).

**КӨЗГӨ ТУТАР** Жалгыз, өзгөчө. *Сенден апаң садага, көзгө тутар медерим* (Жоошпаев).

**КӨЗГӨ УРУНУУ** Көрүнүп калуу, байкалуу, сезилип калуу. *Акылбек эрте чыгып алыптыр, жат көзгө урунамбы деп, күндүн батышын күтүп арыктын ичинде отурду* (Жусупов). *Көзгө урунбай же баскан табышы угулбай* («Чалкан»). **В.: Көзгө түшүү.** *Үч кишинин төбөсү көрүндү. Элеман мындайда көзгө түшпөй бурулуп кетүүнү ойлоду* (Укаев). *Калган ат да, токум да, курал да көзгө түшсө айгак эмеспи* (Касымбеков). **Көзгө чалдыгуу.** *Шаардын балдары зирек келет, бат эле көзгө чалдыгат* (Айтматов). *Кокус жабыла аттанып узатышса, көзгө чалдыгышарын ойлоду* (Бейшеналиев). **Көзгө чалынуу.** *Те алыста, күндүз көгала болуп көрүнгөн бөксө адырлардын түбү ченде көп от жагылган, чет арасында караңдаган караан көзгө чалынат* (Касымбеков). *Андайда атайы өчөшкөнсүп, ал көзгө чалынбай коёт бир оокумга* (Өмүрбаев). **Көзгө илинүү.** *Кайнаган топто эр Сыргак Караса көзгө илинбейт* («Манас»). *Сыйлашкан кайын сиңдиси көзгө илинип калабы деп, акырын шыбырап чыгып кетти* (Укаев).

**КӨЗГӨ ЧӨП САЛУУ** *к.* **көзүнө чөп салуу.**

**КӨЗДӨ** 1. Кайтаруу, көз болуу, көз салуу. *Жылкыларды Кумар көздөп турган эле* («Ала-Тоо»). 2. Максат кылуу, белгилүү бир максатта болуу, бир нерсени беттөө. *Бир ишти көздөсө, Батийна аны өз билгениндей иштей берет* (Сыдыкбеков). *Элдин жыргалчылыгын көздөй турган эр азаматтардан болгула* («Жаш ленинчи»). ‖ Бир жакка карай бет алуу, багыттануу. *Кайыркош айтып Солтобай Калкын көздөп жөнөдү* («Олжобай менен Кишимжан»). *Шаарды көздөп бет алган жүргүнчүлөр кечээгиден бүгүн көбүрөөк сыяктанды* («Ала-Тоо») .

**КӨЗДӨЙ I** Жакын, ишенимдүү, бирденбир, кыйышпас, өз. *Көздөй адам. Көздөй киши. Булар биздин көздөй досторубуз* (Жантөшев).

**КӨЗДӨЙ II** Белгилүү бир багытты карай. *Данияр жай гана арабасын көздөй басып кетти* (Айтматов). *Шакир да үйүн көздөй басты* (Абдыраманов). *Апама айтып баабедин кылып сен үчүн, Жөнөдүм анан айлыңды көздөй чамынып* (Өмүров).

**КӨЗДӨЛ** **көздө** этишинин туюк мамилеси. *Көздөлгөн максат.*

**КӨЗДӨН** Бирөөгө же бир нерсеге окшоо, сыяктануу, ошол кейиптенүү. *Ач арстандай төштөнүп, Алгыр бүркүт көздөнүп* («Эр Төштүк»). *Ашыркан күлдү эштенип, Таңдагы чолпон көздөнүп* (Бекөнбаев).

**КӨЗДӨН ДАЛДА БОЛУУ** 1. Көрүнбөө, карааны көрүнбөй калуу, карааны үзүлүү. *Кокус чоң эне көздөн далда болду дегенче, тоо түбүн көздөй карды жыңайлак кечип чуркап барып кайра келебиз* (Жусупов). *Чоколор чоң капчыгайга барганда, түндүк тарапка бурулушуп, көздөн далда болду* (Жантөшев). 2. Жашырынуу, көрүнбөй, билинбей калуу, байкалбоо. *Жылдызкан айла болсо акырын чыгып көздөн далда болууну ойлоду* (Байтемиров). *Көз ачып-жумганча, байкатпай көздөн далда болду* («Ала-Тоо»).

**КӨЗДӨН КАЙЫМ БОЛУУ** Тез эле, бир заматта жок боло түшүү, көрүнбөй калуу. *Бирэки кылчайды да, ошо бойдон көздөн кайым болду* (Айтматов). *Бакыт деген жүрөгүңдү дирилдете кандайдыр аптыктырып, обдулуп кармайм дегениңде көздөн кайым болуп кайкыган кооз куш сымал тийип качмасы да бар* (Бейшеналиев). **В.: Көздөн кайып болуу.**

*Алмаш ошол замат көздөн кайып болуп, кайра тез эле пайда болду* («Советтик Кыргызстан»). *Заматта көздөн кайып болду* («Ала-Тоо»). **Көздөн муң болуу.** *Кыз бир аздан кийин көздөн муң болуп учуп кетти* («Жомоктор»).

**КӨЗДӨН ОТ ЧАГЫЛУУ** *к.* **көзүнөн от чагылуу.**

**КӨЗДӨН УЧУУ** Абдан зарыл болуу, табылбоо, эңсетүү, сагындыруу. *Таңдайым кургап, бир ууртам муздак суу көздөн учат* («Ала-Тоо»). *О, чиркин эл менен жер көздөн учат* (Токомбаев). *Кербенчи соодагерлер, ошентип, көздөн учкан адими буюмдарды калктын малына эки эсе кымбатка урунтушат* (Бейшеналиев). *Билсең, анын кадырбаркы көздөн учкан учурда билинет тура* (Абакиров). **В.: Көзүнөн учуу.** *Күлчоросу көзүнөн учуп турган кезидир* («Семетей»). *Туугандары көзүнөн учкан Сылый бизди көргөндө өз ата-энесин көргөндөй кубанды* (Сыдыкбеков). *Бир чети бир топ күндөн бери жер-суу көзүнөн учкандыкыбы, айтор тоо кыркаларына суктана берди* (Ашымбаев).

**КӨЗДӨН ЧААР ЧЫМЫН УЧУУ** *к.* **көзүнөн чаар чымын учуу.**

**КӨЗДӨНТ көздөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗДӨНҮҮ көздөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗДӨӨ көздө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗДӨТ көздө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗДӨШ** 1. **көздө** этишинин кош мамилеси. *Малды көздөшүп тур.* 2. Беттешүү, көзмө-көз кезигишүү, сүйлөшүү.

**КӨЗДӨШТҮР көздөш** (2-мааниде) этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗДӨШҮҮ көздөш** (2-мааниде) этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗДҮ ЖУУМП** *к.* **көз жумуу.**

**КӨЗДҮК** Үркүнчөөк, азоо жылкынын көзүнүн арт жагынан далдаалап, үркө турган нерселерди байкатпоо үчүн жүгөнгө тагылган калканч.

**КӨЗДҮН АГЫ МЕНЕН КОШО ДИРИЛДӨӨ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КӨЗДҮН АГЫ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КӨЗДҮН ЖООСУН АЛУУ** Өтө кооз, көркөм көрүнүү, адамды суктандыргыдай, кызыктыргыдай, өзүнө тарткыдай көрүнүштө болуу. *Дасторкон жайылып үстүнө түрдүү даам төгүлүп, көздүн жоосун алат* (Сыдыгалиев). *Мында ар мүлк, ар бир буюм өз ордунда зымырап көздүн жоосун алат* (Сыдыкбеков). *Ира кылыктана басып, боз уландардын көзүнүн жоосун алат* (Бейшеналиев). **В.: Көздүн жоосу势 кануу.** *Тим эле көздүн жоосу канып, укмуштар көз алдыңан өтүп жатпайбы* (Сыдыкбеков). **Көз жоосун түшүрүү.** *Жакшынакай үйлөргө көз жоосун түшүрө секретарь кубанып бара жатты* («Кыргызстан аялдары»). **Көздүн курчун алуу.** *Бак-дарак, алма, өрүк, жүзүм, жүгөрү дегендер көздүн курчун алат* (Баялинов).

**КӨЗДҮН КАРЕГИНДЕЙ САКТОО** Жоготпоо, бирөөгө алдырбай, бүлдүрбөй мыктап сактоо, кол тийгизбей жакшы кайтаруу. *Мектеп жашынан баштап коомдук мүлктү көздүн карегиндей сактоого үйрөнөбүз* (Медетов). *Кант кызылчасынын бир да башын ууруга алдырбай көздүн карегиндей сакташат* (Саатов).

**КӨЗДҮН КУРЧУ КЕТҮҮ** Көзү начарлоо, ачык, даана көрө албоо. *Көздүн курчу кеткен убак, балам* (Ашымбаев).

**КӨЗДҮН КУРЧУН АЛУУ** *к.* **көздүн жоосун алуу.**

**КӨЗДҮН КЫЧУУСУН КАНДЫРУУ** *к.* **көзүнүн кычуусу кануу.**

**КӨЗДҮН ЧАРАСЫ** Көз жайланышкан чуңкур. *Сансыздын көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

**КӨЗДҮҮ** 1. Көзү бар. *Көгүш көздүү жаш жигит карыяга жылмая карады* (Баялинов). ‖ Көрө алган, сокур эмес, көздөрү соо. *Көздүү киши өзү эле көрүп тургудай жакын жерде жатат* («Ала-Тоо»). 2. Көзөнөктүү, тешиктүү, бир нече бөлүктүү. *Жалгыз көздүү будкада көмүр жүктөөчүлөр кобурап олтурушат* (Сасыкбаев). *Эки көздүү кичине ящиктер коюлган бөлмөдө иштейбиз* («Ала-Тоо»).

**КӨЗӨ I** *диал.* Суюктук куюуга ылайыктап жасалган карапа идиш. *Бул айылда Айдараалынын мушташпаган кишиси, ал сындырбаган көзөсү калбагандыр* (Абдукаримов).

**КӨЗӨ II** Бир нерсени тешүү, көзөнөк кылуу, тешип ийүү. *Суу кардын арасын көзөп, күрткүлүү күбүрдү көбөйтөт* (Жантөшев). *Бир станокто темир көзөйт, экинчи биринде жылмалоо иштери жүргүзүлөт* («Ала-Тоо»).

**КӨЗӨГҮЧ БЕЗ** Курсак буттуу деңиз молюскаларынын кычкылдык чыгаруучу бези. *Көзөгүч без аркылуу башка молюскалардын кабыгы тешилип, ичиндеги денеси желет.*

**КӨЗӨГҮЧ көзөөч** менен бирдей.

**КӨЗӨГҮЧТӨР** *зоол.* Ылгабай азыктануучу коңуздар түркүмчөгүндөгү жыгач кемиргич коңуздар уруусуна кирген жандыктар. *Көзөгүчтөрдүн дене узундугу 2–6 мм, түктүү жумуру, түсү саргыч, айрымдары кара күрөң болот. Алардын 1700дөй түрү кеңири тараган.*

**КӨЗӨЛ I** 1. Сулуу, көрктүү мыкты. *Көзөл Манас сурап кел* («Манас» С.О.). *Жигиттин көркү анча да көзөл, анча да сулуу эмес* (Сыдыкбеков). *Көзөл Асыл келинди, мактоого акындын тили жетер беле* (Сыдыкбеков). 2. Шумпай, шылуундугу бар. *Айтканы чын көзөлдүн* (Борбугулов). *Оо, кайран көзөлүм!* (Турусбеков).

**КӨЗӨЛ II көзө II** этишинин туюк мамилеси.

**КӨЗӨМ көсөм** менен бирдей.

**КӨЗӨМӨЛ** 1. Баамчыл, сезгич, кыраакы. *Көзөмөл киши. Көзөмөл кары.* 2. Көздөөчү, көз болуучу, көз салуучу. *Көзөмөл болуп турган полицейский Нурматты бош отургуза койбойт* (Абдукаримов). *Антондун булөсүнө көзөмөл бол, Кокустан көтөрбөсүн колун эч ким!* (Токомбаев).

**КӨЗӨМӨЛДӨ** Көзөмөл болуу, көз салуу, көз болуу, күзөтүү, карап, байкап туруу. *Койлорду мен көзөмөлдөп турам* («Ала-Тоо»). *Асылбек сарайдын тегерегин көзөмөлдөп карады* («Ала-Тоо»).

**КӨЗӨМӨЛДӨӨ көзөмөлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗӨМӨЛДӨТ көзөмөлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗӨМӨЛЧҮ** *эск.* Сакчы, кароолчу.

**КӨЗӨНӨК** Көзөлгөн тешик, жылчык. *Шахтерлор үч көзөнөк жасап, дары салып, от коюшту* (Сасыкбаев).

**КӨЗӨНӨКТҮҮ** Көзөнөгү бар, көп көзөнөктөрдөн турган. *Тор көзөнөктүү терезенин көзүнөн түшкөн жарык үйдүн ичин алда немедей кылып көрсөттү* («Ала-Тоо»).

**КӨЗӨӨ көзө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗӨӨЧ** Бир нерсени көзөш, тешиш үчүн колдонулуучу курал.

**КӨЗӨТ көзө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗСҮЗ** Көзү жок, сокур, көр. *Чолок чал эки көзсүз сокур адам* (Абдыраманов).

**КӨЗТУМАР** *диал.* Көз тийбесин деген ниет менен ырым-жырым кылып тагылган тумар.

**КӨЗҮ АДАШУУ** *к.* **баш адашуу.**

**КӨЗҮ АКСЫН** *к.* **көзүң аккыр!**

**КӨЗҮ АЛА ЧАКМАК БОЛУУ** 1. Көзү тунаруу, көңүлү караңгылап ымыр-чымыр боло түшүү, көзүнө эч нерсе көрүнбөй калуу. *Экинчи жолу урулган камчынын учу үстүңкү эринге келип тийгенде Алымкулдун көзү ала чакмак боло түштү* (Абдукаримов) *Аркаман келип чапканда көзүм ала чакмак боло түшкөнүн билем* (Жантөшев). 2. Абдан корккондо, шаштысы кеткенде, эмне кыларын билбей апкаарый калуу, дапдаарый түшүү. *Сапар өзүнүн фамилиясын көрүп, көзү ала чакмак болду* (Бөкөнбаев). *Мен жаныман түңүлүп, ала чакмак болгон көздөрүмү жума койдум* (Жигитов). 3. Өзүн токтото албай алып учуп, көөп турган же катуу кызып калган абалда болуу. *Базары жүрүп турганда кимдин көзү ала чакмак болбойт* (Осмоналиев). *Көзүм ала чакмак болуп, бир киши эки киши, эки киши он киши болуп көрүндү* («Ала-Тоо»). **В.: Көзү ала чакмактоо.** *Оо, бул эргулдун көзү ала чакмактап, ыктытып турган кези экен деп күлүп калышты* («Чалкан»). *Кээси ошо көзү ала чакмактаган бойдон энеден туума сыртка чыга келишет* («Советтик Кыргызстан»).

**КӨЗҮ АЧЫК** 1. Диний түшүнүк боюнча: жөнөкөй кишилерге көрүнбөгөн ар кандай жин-шайтанды, арбакты көрө билген же бир нерселер жөнүндө алдын ала айта алган, олуялыгы бар. *Бул «көзү ачык» атанган кара жиндүү бакшыны нөкөрлөр не дейт, эми не түрлүү сыр көрсөтөр экен дешип, үрөйлөрү учуп карашты* (Касымбеков). *Мазардын ээлери көзү ачык бакшыларга көрүнөт* (Токомбаев). *Менин таятам көзү ачык киши болуптур* (Сыдыкбеков). *Келинимдин көзү ачык, айтканын жаземдебейт* (Бейшеналиев). 2. Көптү билип, көптү көргөн, ар нерседен кабардар, сабаттуу, билимдүү, даанышман. – *Сени да элиң окуган, көзү ачык азаматым дейт го!* (Укаев). *Мындай дилгир берилген көзү ачыктар болбосо байыркынын мурасы укум-тукумуна жетеби* (Бейшеналиев). *Сен көзү ачык даанышмансың, Асаке* (Борбуев). *«Кум бириксе таш болот, кул бириксе баш болот» – дечү экен көзү ачык бабаларыбыз* (Токомбаев).

**КӨЗҮ АЧЫК ӨТҮҮ** 1. Эч жакшылык же жыргалчылык көрбөй, тилеген тилегине, максатына жетпей жүрүп каза болуу. *Көрүнгөн байга кул болуп, көзү ачык өтүп кетемби* (Осмонкул). *Ал кыйын күндөрдү көрүп, бу дүйнөдөн тек гана көзү ачык бойдон өткөн экен* (Жигитов). *Дөшүң калды темирден, Көзү ачык өттүң өмүрдөн* (Тоголок Молдо). 2. Өтө жаш кезинде, жаштайынан кайтыш болуу, өлүү. *Олда, көзү ачык өткөн карыптарым ай!* (Сыдыкбеков). *О, көзү ачык өткөн чымчыктарым... Татынакай периштелерим* (Сыдыкбеков). *Олда кагылайын, Алтынай ай, тал чыбыктай буралып турган кезинде көзү ачык өттү* (Жантөшев). **В.: Көзү ачык кетүү.** *Тиричиликтин айласынан жер кезип жүрүп, ошол бойдон көзү ачык кеткен эмес, ал жарыктык* (Үмөталиев). *Кантип эле көз ачык бойдон кетейин* (Сыдыкбеков) *Ошентип, эти кабылдап, кайран сулуу көзү ачык кетти* (Баялинов). **Көзү ачылбай кетүү.** *Атадан калган белек көзү ачылбай кетпеди беле?* (Сыдыкбеков).

**КӨЗҮ АЧЫЛБОО** Соо эмес, таза эмес, дайыма мас деген мааниде. *Окуусун таштап келгенден бери көзү ачылбайт* (Укаев). *Бу шордууну качан көрсөң, темтеңдеп жүргөнү жүргөн, көзү ачылбайт* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗҮ АЧЫЛУУ** 1. Бир нерсеге ачык, даана түшүнүү, ак-караны ажыратуу, көзү жетүү, таанып билүү. *Ырчыны ээрчип жүрүп Берендин көзү ачылды. Чалдыр-мулдур комуз чертчү эле, чоң комузчу болду* (Осмоналиев). *Макендин ченинде жүрүп ал көп нерсеге каныгып, көзү ачылды, чыйралды* («Ленинчил жаш»). *Мындайча алганда дүйнөгө көзү ачылып, жок эле дегенде калыстык де-*

*ген эмне, зомбулук деген эмне экенин түшүнүп келген болуу керек* (Акматов). *Бул урушта кимдин душман экенине элдин көзү ачыла түштү, көп нерсени түшүнүштү* (Абдукаримов). 2. Сабаттуу, билимдүү болуу, аң-сезими өсүү. *Кат таанып ал, кат таанысаң көзүң ачылат* (Саатов). *Көзү ачылып, сезими кеңигенде ого бетер өткүр жигит болуптур* (Бейшеналиев). 3. Көңүлү көтөрүлүү, өзүн сергек сезүү. *Мындай үйдө жашасаң көзүң ачылат тура* («Ала-Тоо»). *Барганда көзүм ачылып, жүрөгүм кубанды* («Ала-Тоо»). *Кыз бечаралар жаңыдан көзү ачылып, өмүрдүн кубанычын сезип келатканда бирөөгө башы байланып, күтүлбөгөн окуяга кез болушат* (Каимов).

**КӨЗҮ БАР** Тирүү, жашап жүрөт, өлө элек. *Кемпиринин көзү барда небереси алардын колунда эле* (Кушубеков). *Ал кишинин көзү бар кезинде айыл ынтымагы жакшы болучу* (Бердикеев). *Ушул күндө көзү бар.*

**КӨЗҮ БОЗОРУУ** 1. Карайлоо, көзү тунарыктап, электенип жакшы көрө албай калуу. *Көздөрү бозоруп, шайлары ооду* (Бектенов). *Эриндери кеберсип, көзү бозоруп кадам шилтөөгө алы келбей калды* («Ала-Тоо»). 2. Эч нерсени көзүнө илбей, тоготпой, дөөгүрсүп калуу, катуу көөп кетүү. *Атам бала кезинде козу кайтарып жүрүп, козуларын жамыратып ийгени үчүн, көзү бозоруп, дөөгүрсүп турган бай атамды камчы менен башка-көзгө койгулап сабаптыр* (Абакиров). *Күлбүбү, кудайды карап көзүң бозорсочу, катыгүн!* (Сыдыкбеков). 3. Төрөт убагында кансырап, эсучун жоготуу, эсинен танып, эч нерсени сезбей калуу, кара басуу (көбүнчө төрөтү кыйын болгон аялдарга карата). – *Кокуй наалат. Келинимдин көзү бозоруп, алсырап, кансырап баратат. Жүр, экөөң тең куучулар* (Бейшеналиев). *Берeги өтүкчүнүн аялы көзү бозоруп төрөп жүрөт* (Сыдыкбеков). 4. Аябай эңсеген, дүүлүккөн абалда болуу.

**КӨЗҮ БУЗУЛУУ** 1. Ачуусу келгендей, жактырбагандай кебетеде көз карашы, мүнөзү өзгөрүлө түшүү. *Менин сабактан начарлай баштаганымды угуп, атамдын көзү бузулуп, мага түсүн үйүрдү* («Жаш Ленинчи»). 2. Көбүнчө катуу ооруп жаткан адамдын абалына карата баш көтөрөр түрү жок, өлүм алдында турат деген сыяктуу мааниде. *Ай, кагылайын Алтынай ай! Баягы Алтынай жок, көзү бузулуп, өңүндө тирүүлүктүн белгисинен өлүмдүн белгиси ачык турган сыяктанды* (Жантөшев).

**КӨЗҮ ЖАШЫЛДАНУУ** Ыйлап жиберчүдөй болуп, мууну бошоп, көзүнөн жаш кылгыруу, кичине жашып кетүү. *Жамалкандын жүрөгү алып учуп, эмне кыларын билбей алактап, көзү жашылданып турду* (Абдукаримов). *Менин абам болсо кырк экинчи жылдан бери кат-кабарсыз, – деди Саадат көзү жашылданып* («Ала-Тоо»). **В.: Көзүн жаш чаюу.** *Акбала баланы кыя албай көзүн жаш чайып турду эле, жаалданган байбиче кирип келгенде чыйрала түштү* (Укаев). *Гулай сөзүн бүтүрө албай көзүн жаш чайыды* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗҮ ЖЕТИК** Көптү билген, дасыккан, ар нерсеге жете түшүнгөн, аркы-беркини мыкты билген. *Арасында караладай акылман, көзү жетик карылары отурбайбы. Дагы ким эмне дээр экен?* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮ ЖЕТПӨӨ** Бир нерсенин чын-бышыгына, болор-болбосуна ишене албоо, күмөндөр болуу. *Кийин төлөнөбү же биротоло кол жууп калабы, көзү жетпейт* (Ашымбаев). *Мусулманкулдун тынч жүрө алышына көзүм жетпейт, ишене бербейм* (Касымбеков).

**КӨЗҮ ЖЕТҮҮ** Эмне экендигине, чындыгына же төгүндүгүнө, кандай болгондугуна ачык түшүнүү, толук ишеничи болуу, кандай болорун алдын ала билүү. *Атай бул жоопту жумушту аткара албастыгына көзү жеткен соң, кантондун жетекчилерине «мени бошоткула» деп даттанды* (Каимов). *Көзү жетип, билип турган ишин Сапар далилдөөгө тырышты* (Сасыкбаев). *Алардан айла болбосуна көзү жеткенде жаңы жетекчи айрым жумуштарын өзү жасата баштаптыр* («Кыргыз Туусу»).

**КӨЗҮ ЖОК** Тирүү эмес, өлгөн, көзү өткөн. *Азыр бу кишилердин биринин да көзү жок* («Советтик Кыргызстан»).

**КӨЗҮ ЖОК БААТЫР** Эч нерседен кайра тартпаган, тайманбаган, чыгаан, баатыр. *Сага даап сөз айткан мен көзү жок баатыр экемин* («Ала-Тоо»). **В.: Көзү жок эр.** – *Көзү жок эр экенсиң деп, Бакдөөлөт кайта-кайта айтып, таң кала берди* (Абдукаимов). *Падышаны көзүңө илбеген көзү жок эр экенсиң, сага өлүм жок* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮ ЖОК КӨГӨН, БАШЫ ЖОК БАКА** *к.* **башы жок бака, көзү жок көгөн.**

**КӨЗҮ ЖУМУЛУУ** *к.* **көз жумуу 1.**

**КӨЗҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО** *к.* **көзгө жылуу учуроо.**

**КӨЗҮ КАЙНОО** 1. Бети албырып, көзү жалжылдап жашылдангандай абалда болуу (көбүнчө, эти катуу ысып, ооруп калган балдарга карата айтылат). *Кичине талмоорсуп, көзү кайнап турат.* 2. Көзү жалтылдап, абдан өткүр болуп көрүнүү. *Тебетей жээгинен кашы чыгып, көзү кайнап, тиктегенди жалтантат* (Осмоналиев).

**КӨЗҮ КАЙЫШУУ** Көзү талуу, чарчоо, тунаруу. *Караанына көз жетпей Караган көзү кайышып* («Манас»).

**КӨЗҮ КАНЫГУУ** Иштин жөнүн таамай билип калуу, ажыратуу, дасыгуу, маш болуу. *Көзү каныгып, колу машыгып, өнөрү өскөн сайын өргө чабуу адамдын адаты.*

**КӨЗҮ КАРАҢГЫЛОО** 1. Көзү жакшы көрө албай бүдөмүк тартуу, начар көрүү. *Алдыман*

*багыт алар жылчык таппай, Баратты эки көзүм караңгылап* (Абдыраманов). 2. Алсыроо, эс-учун жогото баштоо. *Такыр өйдө боло албайм, көзүм караңгылап, башым айланып кетет* (Кыдырмышев). *Гүлайымдын көңүлү айнып, көзү караңгылайт* (Абдукаримов). **В.: Көзү карайлоо.** *Айтор, талмоорсуп көзү карайлай түштү да, жыгылып кете жаздады* (Сыдыкбеков).

**КӨЗҮ КАРОО** Көзү ачык туруп эле көрө албаган, суу карек. *Байкемдин көзү кароо. Бала күнүнөн ушундай экен* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮ КАТУУ** Көрүүгө же жетүүгө зар болуу, кемчил болгон нерсени аябай самоо, абдан эңсеген абалда болуу. *Көз катканда көргөнүм, Көк ала түйгүн береним* («Эр Табылды»). *Оокаттан көзү каткан кедей-кембагалдар кенелип калган кези* («Ала-Тоо»). *Балдарынын баары токтобой жүрүп, көзү катканда Шамбетти көрүшүп, аны да алда-жалда менен араң чоңойтушпады беле* (Исмаилов). – *Бул акчадан көзү каткан байкуш турбайбы* (Каимов). *Тамактан көзү каткан бечаранын обору ачылып калган тура* («Агым»).

**КӨЗҮ КАШАЮУ** *к.* **кара көзү кашаюу.**

**КӨЗҮ КОЮЛУУ** Уйкусу келгендей магдыраган, мемиреп көшүлүңкү тарткан абалда болуу. *Эки кашынын ортосуна тер исиркектеп, көзү коюла түшкөнүн энеси көрүп отурду* (Айтматов). *Жийдегүлдүн жаркыраган маңдайы чытылып, көзү коюла түштү* (Сасыкбаев).

**КӨЗҮ КӨР** *к.* **көзү туюк.**

**КӨЗҮ КУРЧ** Өткүр, көрөгөч. *Тоолуктардын көздөрү курч эмеспи* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮ КЫЗАРУУ** Бир нерсеге көңүлү түшүп, абдан кызыгуу, суктануу, самоо, эңсөө. *Күлүктү көзү кызарган Канайга жеткирип берип тынды* (Үмөталиев). *Куржундун томпойгон бөйрөгү көзүнө дүйнө көрүнүп, орто жолдон олжо кылмакка көзү кызаргандар да болду* («Ленинчил жаш»). *Бийликке жеткендин баары атын, даңкын калтырууга көзү кызарды* (Осмоналиев). *Азыркы челекчи Афанас бүйрө адам го. Алмаөрүгүн көрсөк, көзүбүз кызаруучу* (Сыдыкбеков). *Элимден кабар келсе деп, Эки көзүм кызарды* (Токтогул). **В.: Көзү күйүү.** *Жеңеси, көзү күйгөн менен өзү ыйбаа сактаган жигитке өңгөчүнөн чыңк күрсүндү* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮ КЫЙБОО** Бир нерседен ажырагысы же бир нерсени колдон чыгаргысы келбөө, бирөөгө ыраа көрбөө. *Жарык дүйнөнү көзү кыйбады, үнсүз тиктеп күйөөсүн, баласын аяп ыйлады* (Шүкүрбеков). *Баштыксаштыгы менен ыргытат элем, каап, баштыгым жаңы, көзүм кыйбайт* (Борбуев). *Же боругуңду көзүң кыйбайбы?* (Сыдыкбеков).

**КӨЗҮ КЫЧЫШУУ көзү кызаруу** менен бирдей. *Колуна араа кармаган кишини көрсөм көзүм кычышат* (Сыдыкбеков). *Бактын бутактарына эң сонун кооз чымчыктар олтурат. Аларды көрүп көзүм кычышат, бирок карматпайт* (Алыбаев). *Сен мында турбай үйүңө кетчи, көрсө дагы адатынча көзү кычышып жүрбөсүн* (Тойбаев). *Керек десе сени дароо табабыз. Бар, көздү кычыштырбай жогол* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КӨЗҮ МЕНЕН УЗАТУУ** Астыртан, тымызын карап кала берүү. *Сөз айтып, ой алмаша албаса да жигитти көзү менен узатып тим болду* (Сыдыгалиев).

**КӨЗҮ МЫНДАЙ БОЛСО ЭЛЕ** Жок болсо, көрүнбөй калса. *Ай, ушунун оюнкарагы... Менин көзүм мындай болсо эле, шып жоголот* («Жаш Ленинчи»).

**КӨЗҮ ОЙНОО** Кызыгуу, суктануу, көзү түшүү. *Акчалуунун колу ойнойт, акчасыздын көзү ойнойт* (макал).

**КӨЗҮ ӨТКҮР** Теше тиктеген, көз карашы курч. *Жукөштүн көзү өткүр, кыймылы тез, сүйлөгөнү ыкчам* (Сасыкбаев).

**КӨЗҮ ӨТҮҮ** 1. Кадала кароо, тиктөө, тигиле кароо, кызыгуу. *Баланын көзү комуздан өтүп баратты* (Каимов). *Паризек ага назар салбай, эки көзү кыздан өтүп баратат* (Ашымбаев). *Байымбеттин аркы текчедеги китептерден көзү өттү* (Бейшеналиев). 2. Каза табуу, өлүү, көз жумуу. *Адамдын көзү өткөндө, жок экен кайтып келүүсү* (Үсөнбаев). *Көп кишилер назили наркы баржогун ченебей мартабалуу көрүнөм деген далалат менен жүрүп көзү өтүп кетип жатпайбы* (Айтматов).

**КӨЗҮ ТАРТУУ** Элдик ишеним боюнча келечекте боло турган жакшылык же жамандык жөнүндөгү белги деген мааниде. *Оң көзүм тартат, кызым келип калабы, – деп, он күн үмүттөнүп жүрдү* (Байтемиров).

**КӨЗҮ ТЕШИЛҮҮ** 1. Тыным албай көзү талыгыча иштей берүү же окуй берүү деген мааниде. *Баш көтөрбөй окуй берип, жаза берип көзүң тешилди го, жүдөп да кеттиң, – деп, жеңем кейип-кепчип, жаныма отура кетти* («Ленинчил жаш»). 2. Чарчагыча кароо, зарыга кароо. *Сени күтүп жол карай берип ини-сиңдилериңдин, жеңеңдин көздөрү тешилди бейм* (Казакбаев). *Карап отуруп көзүм тешилди. Ушунча да жоголуп кетесиңби?* (Айтматов).

**КӨЗҮ ТИК** *к.* **тик көз.**

**КӨЗҮ ТИРҮҮ** 1. Бар, жашап жүрөт, көзү өткөн жок, аман-эсен. *Анда Казангаптын көзү тирүү, кандай кылам десе өзү билген* (Айтматов). *Өлгөндөн кийин өздөрү билсин, ал эми көзү тирүү турганда коргоп кала турган кубаты бар* (Укаев). *Көзүм тирүү турганда ал экөөнү ыйлатпайм* (Өмүрбаев). 2. Тың, чыйрак, ар нерсеге жөндөмдүү, бышык, идиректүү. *Нарктуу өнөрпоз Токто-*

*гул комузун оңдой күүлөп, көзү тирүү жеткинчекке назарын бурат* (Бейшеналиев). *Ал көзү тирүү, сары чийкил, ыманы ысык жаш жигит экен* (Бөкөнбаев). **В.: Эти тирүү.** *Айгүл эти тирүү, зээндүү кыз. Окусун. Адам болсун, – деди Исабек* (Айтматов). *Эти тирүү, кеби тың келин ушунча көптөн жазганбай тике айтты* (Сыдыкбеков).

**КӨЗҮ ТОЙБОО** 1. Алымсынбоо, ыраазы болбоо, ач көздүк, сугалактык кылуу. *Эч нерсеге көзү тойбогон байлардын кылар иши ушул да* (Абдукаримов). *Дүйнөгө чапчу баракор, Өлсө көзү тойбогон, Журт бузганын койбогон* («Сейтек»). 2. Сулуулугуна, көркөмдүгүнө суктануу, кызыга берүү, карай бергиси келүү. *Жылдызкан менен Уруя биринен сала экинчисин тиктеп, сонундарга көздөрү тойбой баратат* (Байтемиров). *Зергер жасаган буюмдардын коозлугу ушунчалык, карап туруп көзүң тойбойт* (Абдукаримов).

**КӨЗҮ ТОЮУ** Көргөн нерсесине аябай ыраазы болуу, канааттануу, көңүлгө толуу. *Балам керилген жигит болуп калган экен деп, көзүм тойгон ошондо* (Өмүрбаев). *Көркөмдүү салган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). *Атаганат, андайды көргөндүн көзү тоёт, уккандын кулагы сүйүнөт* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮ ТӨБӨСҮНДӨ** Бир нерсени тез баамдаган, алдын ала билген, абдан кыраакы, байкагыч. *Анын көзү төбөсүндө, сенин анча жактырбай турганыңды билип койду окшойт* («Ала-Тоо»). **В.: Көзү чокусунда.** *Анын көзү чокусунда.*

**КӨЗҮ ТӨРТ** *к.* **эки көзү төрт.**

**КӨЗҮ ТҮЗ** Мамилеси жакшы, ниети таза, арам ою жок.

**КӨЗҮ ТУНАРУУ** Көзү карангылоо, мунарыктап жакшы көрө албоо, күүгүмдөнүү. *Аягында чарчап кетет, жазганы чаар-ала болуп көзү тунарат* (Айтматов). *Жүкөштүн бүткөн бою шуу этип, көзү тунара түштү* (Сасыкбаев).

**КӨЗҮ ТУЮК** Караңгы, маалыматы жок, кат-сабаты ачылбаган, билимсиз. *Ал кезде көзү туюк түркөй кыргыз мына ушунун да жөнүн билген эмес* (Үмөталиев). *Акылга жетик болсо да көзү туюк эзилген зайып, өз үчүрундагы абалды даана баамдай алган жок* (Сыдыкбеков).

**КӨЗҮ ТҮШҮҮ** 1. Бир нерсени жактыруу, аны алгысы келип аябай кызыгып калуу, суктануу. *Көйкашканын ошол жоргого көзү түшүп, эптеп ажыратып алуунун жолун издейт* (Көчкөнов). *Дароо үстөлдүн үстүндөгү сүрөт салган альбомго көзү түштү да бирден баракмай баштады* (Алыбаев). *Көп күлүктөрдү карап туруп, бир атка көзү түшөт* (Осмоналиев). *Абышка күмүш чапты-рып коодоткон мүйүз чакчасын жаныман алып чыкканда, мен анын коозлугуна көзүм түшө калды* («Ала-Тоо»). *Каныбектин чоoруна көзү түштү* (Жантөшев). 2. Бирөөнү жакшы көрүп, сүйүп калуу, ага берилип жактырып калуу. *Эгер Үрпүканга көзү түшсө, ыгын келтирип жуздөштүрүүгө макулдаткан* (Бейшеналиев). *Болбосо, кечээ эле бирөөнүн кудалап койгон кызына көзү түшүп калып, үйлөнмөкчү болгон кашка ушул эмес беле* (Көчкөнов). *Келип-кетип жүрүп мага көзү түшүп, атама кудалашуу үчүн жуучу салат* (Каимов). *Келип-кетип жүрүп мага көзү түшүп, атама кудалашуу үчүн арачы салат* (Каимов). *Жоодурап карап турган Алымканга Токтогулдун көзү түштү* (Бөкөнбаев). **В.: Көңүлү түшүү.** *Ал келинчекке бир кезде Теңирберди агаңдын көңүлү түшүп жүргөн* (Укаев). *Кызына жайындагы Кетмен-Төбөлүк жаш ырчынын көңүлү түшүп кеткенин кулагы чалган* (Касымбеков).

**КӨЗҮ УМАЧТАЙ АЧЫЛУУ** 1. Уйкусу тароо, көзү чайыттай ачылып, ойгонуп кетүү. *Үргүлөп уктап отурган кыз ыргып туруп, көзү умачтай ачылып телефонду алды* (Абдукаимов). *Көзүм умачтай ачыла түшкөн экен, жанымдан зуулдап эчки-текелер өтүп жатышыптыр* (Медетов). *Саматтын уйкулуу көзү умачтай ачылды* (Сасыкбаев). 2. Жаны сеп алуу, тынчый түшүү. *Бутумдагы чөңөрдү сууруп салганда көзүм умачтай ачылып, уйкуга кирипмин* («Ала-Тоо»). 3. *к.* **көзү ачылуу. В.: Көзү чайыттай ачылуу.** *Менин көзүм эми чайыттай ачылды* (Үмөталиев). **Умачтай көзү ачылуу.** *Уктагандардын умачтай көзү ачылып, бардык табият күүгө кулак салгансыды* (Жантөшев). *Белинде окту алганда, Умачтай көзү ачылды, Ооруган жери басылды* («Манас»). **Уйкусу умачтай ачылуу.** *Тарс эткен дабышка Маликтин уйкусу умачтай ачылды* («Советтик Кыргызстан»).

**КӨЗҮ УЯЛУУ** *к.* **көз уялуу.**

**КӨЗҮ ЧАКМАКТОО** *к.* **көзү ала чакмактоо.**

**КӨЗҮ ЧАЛУУ** Байкап калуу, көрүп калуу. *Кыздын ошо татынакай уяң жүзүнөн жылмаюуну көзү чалды Адылбек* (Өмүрбаев). *Аңгыча эр ортонундагы дүңкүгүй кишини көзү чалды* (Каимов). *Курманжан датка эл арасына кеңири суроо салып, ким кайдан көзү чалганын иликтөө жагын өтүндү* (Касымбеков).

**КӨЗҮ ЧАНАГЫНАН ЧЫГУУ** Катуу корккондо, таң калганда же ачуусу келгенде көзү чоң ачылып бакырая түшүү, акырая кароо. *Үрөйү учуп, көзү чанагынан чыгып, баш калка издеп далбас урган жигитти бүт денеси менен калкалап, көкүрөк тоскон аял...* (Кушубеков). *Карасакалдын көзү чанагынан чыгып, тиштери кычырап кетти* (Абдыраманов). *Бетинен каны качып, көздөрү чанагынан чыгып, Белек ачуулуу чыга калганда алар чочуп кетишти* (Жантөшев). *Ышкынаалынын денеси дүркүрөп көзү чанагынан чыга түштү* (Байтемиров).

**КӨЗҮ ЧАЧЫРОО** Бир нерсени өтө чыдамсыздык менен күтүү, зарыгуу, алсам же жетсем деп аябай эңсөө. *Ушул жерден тез эле узап кетсек дегенде көзүм чачырап, мүнөт сайын кыпылдап күтүп жүрөм* (Элебаев). *Туш-тушка көзү чачырап, көкүрөгүндө бир ой теминет* («Аалам»). *Акчаны көргөндө Молдоштун көзү чачырап кетти* (Абдукаимов). *Ушул жерден эле узап кетсек дегенде көзүм чачырап, мүнөт сайын кыпылдап күтүп жүрөм* (Элебаев).

**КӨЗҮ ШИЛИСИНЕН ӨТҮҮ** Ачуу каар менен өтө жек көрүү абалында жекире карoo, теше тиктөө. *Эки мырзанын көзү Эдигенин шилисинен өттү* (Осмоналиев). *Анын жанагы шилисинен өткөн көзү Оросулдун көзүнө түбөлүк жабышып алгандай* (Осмоналиев). **В.: Көзү шилисинен чыгуу.** *Ал өлсө, анын шилисинен чыккан каардуу көзү аны жинди кылат* («Ала-Тоо»). **Көзү желкесинен өтүү.** *Анын каардуу көзү желкемен өтүп кеткендей болду* («Чалкан»).

**КӨЗҮ ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ** *к.* **ымыр-чымыр болуу.**

**КӨЗҮГҮҮ көзүк** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗҮК** 1. Көз тийүү, бирөөнүн сугу өтүү. *Меш көзүкпөсүн дегенсип, апам түкүрүнүп койду* (Каимов). 2. Көзгө көрүнүү, таанылуу, билине баштоо.

**КӨЗҮКТҮР көзүк** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЗҮКТҮРҮҮ көзүктүр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЗҮН АЛА КАЧУУ** Бирөөнү тике, таамай карай албай жалтактоо, көрүнбөөгө, карабоого аракеттенүү, жалтануу. *Мария болсо, күйөөсүнөн көзүн ала качып турду* (Ашымбаев). *Көп ичинен ал Мөңкөгө карады эле, карт балыкчы көзүн ала качып, артына кетенчиктей басты* (Укаев). *Корконунан көзүн ала качып, өйүзгү тоо беттериндеги жыш карагайды карайт* (Жусупов). **В.: Көзүн жашыруу.** *Байымбет алда нени сезгенсип жүрөгү болк эте, абасынан көзүн жашырып жерге үңүлдү* (Бейшеналиев). *Жасоол ылдый эңиле көзүн жашырды* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮН АЛБОО** *к.* **көз айырбоо.**

**КӨЗҮН АЧА ЭЛЕК** Чоңоё элек, жетиле элек, боорун жерден көтөрө элек, өтө жаш. *Көзүн ача элек кызыл эт кезинде эле комуз менен ушунчалык ынак болуп, тилеги ошого оогон баланы башка кесипке буруура болобу?* (Каимов).

**КӨЗҮН АЧУУ** 1. Бирөөгө бирдеменин чыныгы мүнөзүн ачып көрсөтүү, түшүндүрүү. 2. Сабаттуу, билимдүү болуу, билим деңгээлин көтөрүү. *«Эркин Тоо» газетасынын максаты: калың кыргыз калкын, анын ичинде кедей-кембагал шордуулардын көзүн ачып, саясий агым менен тааныштырып тарбияламак* («Эркин Тоо»). 3. Бирди көрсөтүү, сазайын берүү, эсине келтирүү. *Кутурган экенсиңер! Шашпагыла көзүңөрдү ачармын* (Каимов). *Тыюучу пенде өзүм дейт, Ачайын мунун көзүн дейт* («Семетей»).

**КӨЗҮН БОЁО** Алдоо, жазгыруу, будамайлоо. *Бир адам ушунча калайыктын көзүн боёп, көңүлүн байлап салдыбы?* (Бейшеналиев). *Билебиз силердин амалыңарды. Көзүбүздү боёгуңар келет* (Жантөшев). **В.: Көзүн будалоо.** *Оңбогон солдаттын көзүн кантип будалоо керек?* (Жантөшев).

**КӨЗҮН БУДАЛОО** 1. *к.* **көзүн боёо.** 2. *к.* **көзүн тазалоо.**

**КӨЗҮН ЖАШЫРУУ** *к.* **көзүн ала качуу.**

**КӨЗҮН ЖОГОТУУ** *к.* **көзүн тазалоо.**

**КӨЗҮН ЖУМУУ** *к.* **көз жумуу.**

**КӨЗҮН ЖЫРТУУ** Уйкудан ойгонуу, ойгонуп туруп кетүү. *Уйкудан көзүн жырта албай жатып, китеп кабына асылат, китеп-дептерин алмаштырып сала кетет* (Айтматов). *Курган эне көзүн жыртып тургандан баштап жаны жай албай, чарк айланып жүргөнү жүргөн* (Саатов).

**КӨЗҮН КАДОО** Бир нерседен көзүн албай кадала карoo, тигиле карoo, өтө кунт коюп байкоо, көз салуу. *Карыя мен жакка бурулуп, бозомук нурсуз көзүн кадады* («Ала-Тоо»). *Серкебай тултуюп бир саамга үнчүкпай, бөрү тиктеш салып, элчиге көзүн кадады* (Осмоналиев). *Жылдызкан анын кыйгач кашына, бийик кабагына көз кадайт* (Байтемиров). **В.: Көзүн тигүү.** *Мен өңдүү өксөп-дегдеп уул-кызың, Айырбай сизге карайт тигип көзүн* (Нуркамал). *Ал экөөнүн көптөн бери көзүн тигип жүргөн жери кандуу өзөк* (Укаев). **Көзүн түшүрүү.** *«Эсен-соо» деп барып, Жапардын балдагына көзүн түшүрдү да, кайта ал үнчүкпай калды* (Баялинов).

**КӨЗҮН КАРОО** 1. Бирөөгө баш ийүү, айткан-дегенинен чыкпоо, материалдык жактан толук көз каранды болуу. *Кишиге салган күн курусун, көзүн караган сайын адамды күңкор кылып жиберет* (Жантөшев). *Алты жүз үйлүүгө жакын чоро эли Тоскондун көзүн карап, буйругун аткарышат* (Осмоналиев). *Улам жыл өткөн сайын бай Салкынайдын көзүн карап, байбиченин айтканынан чыкпай калган* («Кыргызстан аялдары»). *Жыты таяке бирөөлөрдүн көзүн карап, күйпүйүп басынган учурунда Айылчынын дуушарланышы анын сообуна калгандай* (Бейшеналиев). 2. Жакшы көргөн баласынын, кызынын ж.б. айткан-дегени менен, ою менен болуу, таарынтпай, аяп мамиле жасоо. *Көрдүңбү уулуңду, – деди Калыйпа, биз мунун жалгыз деп көзүн карап отуруп, ушинтип алганбыз да* (Саатов). *Оорусунан коркуп көзүн карап калган бечара Татына уулунун кебин бузган жок* (Сыдыкбеков). **В.: Көзүнө карoo.** *Жалгыз бала үчүнбү, Керимбай анын көзүнө карап, көп какпайт* (Мырзаев).

**КӨЗҮН КАШАЙТУУ** *к.* **кара көзүн кашайтуу.**

**КӨЗҮН КЫЗАРТУУ** *к.* **көзү кызаруу.**

**КӨЗҮН МАЙ БАСУУ** Мансабына, байлыгына ж.б. абалына чиренип, менменсинип башкаларды теңсинбей, дөөгүрсүп, көөп кетүү. *Ой, айланайын Сагынбек ай, шумдуктай көрөгөч экенсиң! Эгер көзүмдү май баскан бойдон эсиме келбесем, талпагым ташка жайылбайт беле?* (Жантөшев). *Көзүн май басып, акчанын деми менен көкөлөп жүрө берди* («Чалкан»). **В.: Көзүн май каптоо.** *Биз, адамдар ал кезде көзүбүздү май каптап калабы, билбейт да, билгибиз да келбей калат экен!* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗҮН ОЮУ** Бирди көрсөтүү, жазалоо. *Сенин көзүңдү ойгондон кийин айтар, – деди да, эшикти ачып сыртты карады* (Абдукаимов).

**КӨЗҮН САТУУ** Бирөөдөн же бир нерседен үмүттөнүп зарыла кароо, үмүткөр болуп жалдыроо, телмирүү. *Жалгыз балам Шайымбет Ар кимге көзүн саткандыр* («Эр Табылды»). *Көңүлүм өспөй жаш калып, Көзүмдү кимге сатамын* («Курманбек»). Узун *жолду көп карап, Көзүн жолго сатабы* (фольк).

**КӨЗҮН СҮЗҮҮ** 1. Көзүн жума тургансып, көшүлүп бараткандай кылыктана кароо. *Кыздын көзүн сүзүп, ойт берип кыткылыктап турганы көз алдынан кетпеди* («Аалам»). *Айна көпкө чейин көзүн сүзүп ойлоно отурду* (Убукеев). 2. Көзү жумулуп же антарылып, көшүлүп уктап бараткандай абалда болуу (көбүнчө катуу ооруп жаткан адамга карата). *Тил сүйлөбөй титиреп, Көзүн сүзүп сулк жатат* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮН ТААНУУ** *к.* **иштин көзүн таануу.**

**КӨЗҮН ТАБУУ** 1. *к.* **иштин көзүн таануу.** 2. Жоголгон, жашырылган нерсе, буюм, мал ж.б. дал өзүн алуу, колуна тийгизүү. *Ушул жерден көзүн таптым* (Осмоналиев). *Уурдалган буюмдардын көзүн тапты* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗҮН ТАЗАЛОО** Жок кылуу, өлтүрүү, жайлап салуу. *Болбосо Орозкул экөөбүздүн көзүбүздү оңой эле тазалап коёт* (Айтматов). *Бүгүндөн калтырбай Бердинин аялы менен кызынын көзүн тазала* (Жантөшев). *Азыр анын көзүн тазалабасаң, кийинче-рээк ал кол салуудан да кайра тартпайт* (Укаев). *Жылматай адегенде тирүү айгак өз кызынын көзүн тазалайт* (Осмоналиев). 2. Жок кылуу, сарп кылуу, түгөтүү, аягына чыгуу, бүтүрүү. *Ал Сейилкандан калган мүлктүн далайынын көзүн тазалады* (Сыдыкбеков). *Дарыга алып келген беш сомдун көзүн тазалады* («Чалкан»). **В.: Көзүн будалоо.** *Узап кете электе үч айылдан үч жигит жете барсын да көзүн будалап, жар көчүрүп таштап келе беришсин* (Убукеев). **Көзүн жоготуу.** *Көзүн жогото электе үстүнөн басуу керек, чамдагыла* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮН ТИГҮҮ** *аңч.* Кушту таптаганда көзүн тануу же жип менен тигүү.

**КӨЗҮН ТОЙГУЗУУ** Ыраазы кылуу, ыракат берүү. *Казак талаасы карт акындын ойго чөмүлгөн көзүн тойгузуп, ого бетер бажырайтууда* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮН ТҮШҮРҮҮ** *к.* **көзүн кадоо.**

**КӨЗҮНДӨ ОГУ БОЛСО АТЫП ЖИБЕРҮҮЧҮДӨЙ** Өтө жек көрүү сезими менен ызырына, каардана, абдан ачуусу келе кароо, бирди көрсөтүүчүдөй, жеп жиберүүчүдөй болуу деген мааниде. *Көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй бардыгын айландыра карап алды да шарт чыгып кетти* (Жантөшев). *Көркооңдун көзүндө огу болсо, мени кан жуткура атып жиберчүдөй турү белен* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮНДӨ ОТУ БАР** Өтө тың, өткүр, кайраттуу, эр жүрөк, тайманбас. *Көзүңдө отуң бар эр көрүнөсүң деп, мен сени бекер мактаган эмес экемин* (Үмөталиев). *Көзүндө оту бар, сүрү да бар, келечекти бекем кармаган эстүү кыз окшойт* (Абдукаимов). **В.: Көзүндө жалыны бар.** *Көзүндө жалыны бар жигит көрүнөт, талабын орундаталы* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗҮНӨ АЙТУУ** Бетине, өзүнүн көзүнчө тике айтуу. *Ал эч тартынбай чындыкты көзүнө айтты* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗҮНӨ ЖАНЫ КӨРҮНҮҮ** *к.* **жаны көзүнө көрүнүү.**

**КӨЗҮНӨ ЖАШ ТЕГЕРЕНҮҮ** *к.* **көзү жашылдануу.**

**КӨЗҮНӨ ЖЫЛУУ УЧУРОО** *к.* **көзгө жылуу учуроо.**

**КӨЗҮНӨ ИЛБӨӨ** *к.* **көзгө илбөө.**

**КӨЗҮНӨ ИЛИНБӨӨ** *к.* **көзгө илинбөө.**

**КӨЗҮНӨ КАН ТОЛУУ** Каарын төгүп, көзү кызарып чыңалып кетүү, көзүнөн заары чыгуу. *Өйдөсүнгөн, басынткан кишини көрсө, Бекназардын көзүнө кан толо түшөт, колу дароо кылычына жабышат* (Касымбеков). *Абил бийдин көзүнө кан толо түштү* (Касымбеков).

**КӨЗҮНӨ КАРАБОО** 1. Аябоо, азаят, түгөнөт деп ойлобоо, аянбай жумшоо, марттык менен жок кыла берүү. *Буруу-терүү санабай, Мал көзүнө карабай, Энчи берип жөнөттү* («Семетей»). *Акчанын көзүнө карабай сатып ала берди* (Бердикеев). *Мал көзүнө карабай, Жетимиш төөгө дилде артып* («Манас»). 2. Тартынбай тике айтуу, бетке айтуу. *Анан Борондуу Эдигей көзүнө карабай баарын айтып бергенди көрүп ал* (Айтматов). *Эч кимдин көзүнө карабай болгонун болгондой айтты* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗҮНӨ КӨЗҮ ТҮШҮҮ** Капысынан тиктеше калуу, бирин бири көрө калуу, көздөрү чагылаша калуу. *Элемандын көзүнө көзү түшкөндө, кечээ эле ушу жигитти уруп, оозун кандаганы эсине түштү* («Ала-Тоо»). *Райдын көзүнө көзү түшкөндө, Бөбөк кубанып өзүнчө купуяланды* (Укаев).

**КӨЗҮНӨ КӨЙГӨК БОЛУУ** Көзгө урунуу, көрүнүп туруп алуу. *Булардын көзүнө көйгөк болбой тезирээк кетип калчы, – деп жеңем мени акырын кетирип ийди* («Ленинчил жаш»).

**КӨЗҮНӨ КӨР ТОПУРАК ТЫГЫЛСЫН!** «Көзүң аккыр», «көзүң кашайгыр» деген сыяктуу, каргоо, тилдөө, жемелөө маанисинде колдонулат. *Оо, ошондо көргөнүмдө, балам керилген жигит болуп калган экен! Көзүм тойгон. Ээ, ошондо көзүмө көр топурак тыгылсачы!* (Өмүрбаев).

**КӨЗҮНӨ КӨРҮНБӨӨ** *к.* **көзгө көрүнбөө**

**КӨЗҮНӨ КӨРҮНҮҮ** 1. Таанылуу, ким экенин билдирүү. *Эми быйыл мамлекеттик планды мөөнөтүнөн мурда аткарып, эл көзүнө көрүнө турган убагыңар келди* (Баялинов). Ар *гектардан 800 центнерден түшүм алып, күлгөндөрдүн көзүнө көрүнөрмүн* (Эралиев). *Өзүнүн ак эмгеги менен эл көзүнө көрүнө баштады* («Эмгек Туусу»). 2. Жазасын колуна берүү, сазайын окутуу, кадемин катыруу. *Мен аларга бүгүн өзүм барып көздөрүнө көрүнө коём, – деп, жеңең бууракандап жатыптыр* (Тойбаев). *Карын бөлө болсо да Кадырыма жетпесе Көрүнөйүн көзүнө!* («Семетей»). *Ансайын булардын көзүнө көрүнөйүн деп албууттанган* (Жусупов).

**КӨЗҮНӨ СҮРТҮҮ** *к.* **көзгө сүртүү.**

**КӨЗҮНӨ СУУК КӨРГӨЗҮҮ** Жаман көрсөтүү, жек көрүмчү кылуу. *Акунжанды Эрке кыздын көзүнө суук көргөзө берди* (Байтемиров).

**КӨЗҮНӨ ТОПУРАК САЛУУ** *к.* **көзүнө чөп салуу.**

**КӨЗҮНӨ ТҮШҮҮ** *к.* **көзгө түшүү.**

**КӨЗҮНӨ ЧАЛЫНУУ** *к.* **көзгө чалдыгуу.**

**КӨЗҮНӨ ЧӨП САЛУУ** 1. Алдыртан, билгизбей чыгыштык кылуу, бузуктук кылуу, көзүн боёо. *Менин Мариям көзүмө чөп салбайт деп ага ичинен жалына берчү* (Ашымбаев). *Кыздай асыраган Серкебайга кара санаган токол кимдин көзүнө чөп салбайт, эгем?* (Сыдыкбеков). 2. Бирөөгө алдыртан, билгизбей жаманчылык издөө, бузукулук, чыккынчылык иш жасоо, кастык кылуу, көзүн будамайлоо. *Сенин кандай саясат жүргүзүп, кантип менин көзүмө чөп салайын деп жүрүшүңдү түшүндүм* («Чалкан»). *Экинчи транспорт жөнөгөндө аны Доллежанова катып коюп, полицейдин көзүнө чөп салат* (Ашымбаев). **В.: Көзүнө топурак салуу.** *Бектин көзүнө топурак салып, Айсалкынды өзүң качырып, күнөөнү мага жүктөгөнү жаткандырсың* (Жоошбаев). *Арабызга жоро-жүбан, сатандарды жиберип, жолубуздан адаштырып, анан көзүбүзгө топурак салгысы келишет* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЗҮНӨН ЖАЛЫН УЧУУ** *к.* **көзүнөн от чагылуу.**

**КӨЗҮНӨН ЖАШ ИМЕРҮҮ** Көзүнө жаш алуу, көзүнөн жаш кылгыруу. *Көңүлү чалкып карт ырчы, Көзүнөн жашын имерди* (Бөкөнбаев).

**КӨЗҮНӨН ЖАШ КЫЛГЫРУУ** Ыйлагысы келүү, жашып кетүү. *Сабира колундагы букетин Сатарга берип жатып, көзүнөн жаш кылгырып кеткенин өзү да сезбей калды* (Алыбаев).

**КӨЗҮНӨН ЗААР ЧАЧУУ** Каарын төгүү, жаалдануу, жекире тиктөө. *Атын ойдолото айлантып, көзүнөн заар чачат* (Осмоналиев). **В.: Көзүнөн заар чачыроо.** *Көзүнөн чачыраган заар келиндин желкесинен чыга түштү* (Осмоналиев). **Көзүнөн ызгаар чачуу.** *Алып көнгөн, берип көрбөгөн хан түктөйүп, көзүнөн ызгаар чачат* (Осмоналиев). **Көзүнөн заар учуу.** *Абдырахмандын көзүнөн заар учуп, кылычты кынынан суурүп көрсөттү* (Касымбеков).

**КӨЗҮНӨН КАН АЛУУ** Аябай кыйноо, жазалоо, катуу кысым көрсөтүү. *Томоякттардын качан болбосун көзүнөн кан алып берүүгө ишенидиз* (Шүкүрбеков). **В.: Көзүнөн кан агызуу.** *Оторбайдын көзүнөн кан агызып жүрүп, Акмат Жапарга жакшы ат алып берген болучу* (Жантөшев). *Малайларды тукуруп малымдын четинен көзүмдөн кан агыза булдуруп, аларга ээлетип жатат* (Бейшеналиев).

**КӨЗҮНӨН КАН ЧЫГУУ** Жаны кашаюу, каары кайноо, ачуусу келүү. *Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан чыгып, жини бастабай буулугуп алдастады* (Касымбеков). **В.: Көзүнөн кан түтөө.** – *Бай, бергиңиз келсе, улак да болсо ыраазы болуп алып кетем, көзүмдөн кан түтөп турган чак* (Касымбеков).

**КӨЗҮНӨН КАРА УЧУУ** Көзгө илинер же көрүнөр эч нерсе таппай амалы, айласы кетүү, аргасы түгөнүп, эч айла таба албай туруу. *Кең пейил устатын көзүнөн кара учуп турган учурунда тапканына кубана да, муңая да алчыланды* (Бейшеналиев). *Көзүнөн кара учуп турган неме, мени көрүп алды да кишенеп жиберди* (Алыбаев).

**КӨЗҮНӨН КӨЗҮН АЛБОО** Көз айырбай карап туруу, тиктеп туруу. *Үрөйү учкан аялдын көзүнөн көзүн албай теше тиктейт* (Укаев).

**КӨЗҮНӨН КҮЛКҮ КАЧУУ** Томсоро түшүү. *Аны эркелетип жаткан неме оозунан сөзү түшүп, көзүнөн күлкү качты* (Борбуев).

**КӨЗҮНӨН КҮЛҮҮ** Жымың этип, жадырап-жайнап, күлүңдөгөн жагымдуу көз караштты билдирүү. *Көзүнөн күлүп, жылмаңдап алыстан өңдү* (Осмоналиев). *Кыз ачык айтпаган менен көзүнөн күлүп, жымыйып төмөн карады* («Аалам»).

**КӨЗҮНӨН ОТ ЧАГЫЛУУ** Дененин катуу оорушунан көз алдында учкун пайда болгондой сезимде болуп жаны кейип кетүү, өтө кыйналуу. *Мукан тоорулуп туруп көк желкеге муштаганда, Бейшекенин көзүнөн от*

*чагылып, тегеренип кетти* (Саатов). *Көзүнөн от чагылып, жаны мемиреген өңдөнүп, сендиректеп арaң турду* (Ашымбаев). *Көзүнөн от чагылып капталы чымырай түшкөн Акбалбан жалтайлай түштү* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Көзүнөн от чачыроо.** *Алымкулдун көзүнөн от чачырап, бүткөн бою күйүп кеткендей болду* (Абдукаримов). **Көзүнөн жалын учуу.** *Көзүнөн жалын учуп, жаны кашайган Бердигул: Жырткыч! Биз өлсөк береги эл бар! Кутурган канкорлор! – деп кыйкырды* (Тойбаев). **Көзүнөн от учуу.** *Көзүнөн от учуп, денеси оор тартып, сендиректеп барып тумшугу менен жер сая жыгылды* (Медетов). **Көзүнөн от чыгуу.** *Бутум өтө оор тартып сыздагандай болсо, көзүмдөн от чыгат* (Эсенканов). *Кулукенин көзүнөн от чыгып кетти* (Касымбеков).

**КӨЗҮНӨН УЧУУ** *к.* **көздөн учуу.**

**КӨЗҮНӨН ЧААР ЧЫМЫН УЧУУ** 1. Жаны кейүү, катуу кыйналуу. *Толгоо тартып, көзүнөн чаар чымын учуп, араң олтурган Айганыштын сенден күткөнү ушул беле?* (Сыдыкбеков). *Көзүнөн чаар чымын учуп, таң аткыча кирпик какпай чыкты* (Баялинов). 2. Өтө оор абалда калуу, коркуу, аргасы түгөнүү, эмне кыларын билбей айласы кетүү. *Ошондо гана Көлбай колдуу болуп бараткaнын билип, көзүнөн чаар чымын учту* («Ала-Too»). *Көзүнөн чаар чымын учуп, улакты Күрөңгө үстөкө-босток камчы уруп, жиреп кирди* (Көчкөнов). **В.: Көзүнөн чымын учуу.** *Көзүнөн чымын учуп, өзүн зорго кармап турду* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮНӨН ЧААРЫ ЧЫГУУ** Жаалы келүү, абдан ачуулануу, каардануу. *Көзүнөн чаары чыгып, ийни менен дем алган Тыныбек жоон камчысын Алымбайдын жонуна басып алды* (Каимов). *– Тынчын алган ким экен? – деп Орозкул көзүнөн чаары чыга жалт кылчайды* (Айтматов). *Шабыраалынын көзүнөн чаары чыгып, баягыдан бетер жинденди* (Байтемиров). **В.: Көзүнөн чаарын чыгаруу.** *Анын да итатайы тутулуп, бириң калбай кеткиле, – деди көзүнөн чаарын чыгарып* (Жигитов). **Көзүнөн чаары көрүнүү.** *Ал жылуу айткансыганы менен көзүнөн чаары көрүндү* (Сыдыкбеков). **Көзүнүн чаары чыгуу.** *Чынаркандын көзүнүн чаары чыгып, ичинен туталанып отурганын Бермет дароо түшүндү* (Абдукаимов). *Анын ирeңи кара көк тартып, көзүнүн чаары чыгып, кутургандай ажаанданып баратты* (Каимов). **Көзүнүн чаарын чыгаруу.** *Түшүндүңбү? – деп Курбантай Эргешти кекетип, көзүнүн чаарын чыгарды* (Мияшев). *Дочекал Ашырбекти издеп таап, көзүнүн чаарын чыгара тиктеп турду* (Ашымбаев).

**КӨЗҮНӨН ЧЫГУУ** Бирөөнүн жакшылыгын, жардамын, жакшы иштерин унутуп, көңүлгө албай же баалабай койгондо наразы болуу, жактырбоо иретинде айтылат. *Ии-и, аны билбесең, сенин көзүңдөн чыксын, көзүңдөн!* (Тойбаев). *Төлөмүштүн жакшылыгын билбесек көзүбүздөн чыксын!* (Бердикеев). – *Ыракмат, бий, ыракмат, сиз ушинтип адилеттике кызмат кылсаңыз, биз сизге ыраазы болбосок көзүбүздөн чыкпайбы!* (Касымбеков).

**КӨЗҮНӨН ЫЗГААР ЧАЧУУ** *к.* **көзүнөн заар чачуу.**

**КӨЗҮНҮН АГЫ МЕНЕН АЙЛАНУУ** *к.* **көзүнүн агы менен тең айлануу.**

**КӨЗҮНҮН АГЫ МЕНЕН КАРОО** *к.* **көзүнүн төбөсү менен кароо.**

**КӨЗҮНҮН АГЫ МЕНЕН ТЕҢ АЙЛАНУУ** 1. Бирөөнүн оюю менен болуу, айткан-дегенинен чыкпоо, көзүн кароо (көбүнчө аёо, жакшы көрүү, сыйлоо маанисинде). *Өзгөчө Темирдин күйүтүнөн соң көзүнүн агы менен тең айланып, баланы эркине коё беришкен* (Касымбеков). *Анын кыңыр ишин көрүп-билип турушса деле, жалгыздыгына ыйгарышып, көзүнүн агы менен тең айланышчу* (Медетов). *Бечара, апа деп көзүбүздүн агы менен тең айланып турат, келинибиз жаман киши эмес* (Өгөбаев). 2. Бирөөгө толук көз каранды болуп, айткан-дегенин аткаруу, анын каалаганын иштөө, жагынуу аракетин жасоо (көбүнчө баш ийүү, көз каранды болуу маанисинде). *Нечен жыл малын багып, көзүнүн агы менен тең айланып турдум* (Үмөталиев). *Бекей таежем эмне үчүн эрине арак берип, көзүнүн агы менен тең айланат?* (Айтматов). *Тирешкен кишилердин көңүлүн табуу үчүн байбиче лыпылдап ордунан туруп, дасторкон жайып, чай коюп, алардын көздөрүнүн агы менен тең айланууда* (Каимов). **В.: Көзүнүн агы менен айлануу.** *Кызы момпойгон күйөөсү жанындай көрүп, көзүнүн агы менен айланчудай* (Бейшеналиев). **Көзүнүн агы менен бирге айлануу.** *Жадырап-жайнап делбиреп, көзүңдүн агы менен бирге айланып турган мамилесине ыраазы болосуң* (Байтемиров). **Көзүнүн агы менен кошо тегеренүү.** *Алты күндөн бери көзүңдүн агы менен кошо тегерендим, бир белги болгон жок* (Абдукаимов). **Көздүн агы менен кошо дирилдөө.** *Баары сыпаа, баары дөөлөтман, көздүн агы менен кошо дирилдешип, биринен бири өтө, биринен бири озуна ак өргөө алдына чейин коштоп барышты* (Касымбеков). **Көзүнүн агы менен чимирилүү.** *Бу көрүмсүз абышканы жандап турган нөкөрлөр, удайчылар көзүнүн агы менен чимирилишип, керектүү буйруктарын оң канатка, сол канатка берип турду* (Касымбеков). **Көзүнүн кареги менен кошо айлануу.** *Анда алар менин көзүмдүн кареги менен кошо айланып турду го, чиркин!* («Чалкан»). **Көзүнүн кареги менен чимирилүү.** *Элдин көзүнчө көзүмдүн кареги менен чимирилет* (Бейшеналиев). **Көзүнүн кареги менен тең айлануу.** *Байкуш аялың*

*барбы, сенин көзүңдүн кареги менен тең айланып турат ко* (Бердикеев). **Көзүнүн карасы менен тең айлануу.** *Мырзабай Канышайдын көзүнүн карасы менен тең айланып, ширин сөздөрүн айтып жүрүп, акыры өз торуна түшүрөт* (Айтбаева).

**КӨЗҮНҮН АГЫН ЧЫГАРУУ** Көзүн акшыйтып, жаман көргөн, жактырбаган мүнөздө кароо. *Карасакал көзүнүн агын чыгара кыжырданып сүйлөдү* (Абдыраманов). *Ал «жооп бересиз» деген сөздүн маанисин түшүнө бербей көзүнүн агын чыгара Бердике жакка кылчайды* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮНҮН ЖАШЫ ОН ТАЛАА** Көз жашын тыя албай, ботодой боздоо, аябай ыйлаган абалда деген мааниде. *Жеңеңдин көзүнүн жашы он талаа* («Манас»). *Карып болуп Элеман Көзүнүн жашы он талаа* («Эр Төштүк»). *Батманын көзүнүн жашы он талаа, керегеге сүйөнө дапдаарыйт* (Саатов). *Аябай таяк жегенсип, өпкөсү өпкөсүнө батпай солуктайт, көзүнүн жашы он талаа* (Бердикеев). **В.: Көзүнүн жашы көл.** *Айласы кеткен балдардын көзүнүн жашы көл* («Чалкан»).

**КӨЗҮНҮН ЖАШЫН КӨЛ КЫЛУУ** Көз жашын төгүп катуу ыйлоо. *Көзүнүн жашын көл кылып, Какшап ыйлап боздоду* (Жантөшев).

**КӨЗҮНҮН КЫЙЫГЫ МЕНЕН КАРОО** *к.* **көз кыйыгын салуу.**

**КӨЗҮНҮН КЫЧУУСУ КАНУУ** Көрүп ыраазы болуу, алымсынуу, моокуму кануу. *Көзүнүн кычуусу канып, сулуунун келбетине ыраазы болду* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮНҮН ОТУ ӨЧҮҮ** Шайы кетүү, начарлап калуу, күүдөн-күчтөн таюу. *Көзүнүн оту өчө элек. Дагы эле ал-күчү өзүнө жетет* (Осмоналиев).

**КӨЗҮНҮН СЫРТЫ МЕНЕН КАРОО** *к.* **көзүнүн төбөсү менен кароо.**

**КӨЗҮНҮН ТИРҮҮСҮНДӨ** Өзү барында, өзү жашап турганда. *Ушуну көрүп калайын, көзүмдүн тирүүсүндө дедим* (Жусупов).

**КӨЗҮНҮН ТӨБӨСҮ МЕНЕН КАРОО** Жек көргөндөй, жактырбагандай каардуу кароо, жекире кароо. *Төлөгөн эжесин көзүнүн төбөсү менен карап, жактырбай чыгып кетти* («Эркин-Тоо»). *Аскар көзүнүн төбөсү менен кайдыгер гана бир карады* («Ала-Тоо»). **В.: Көзүнүн агы менен кароо.** *Көзүнүн агы менен карап койгон далайлардын акесин ушул колум менен таанытпым* (Осмоналиев). **Көзүнүн сырты менен кароо.** *Бугимов Акимди көзүнүн сырты менен карап, катуу айтууга камданды* (Сасыкбаев).

**КӨЗҮНҮН ЧААРЫ ЧЫГУУ** *к.* **көзүнөн чаары чыгуу.**

**КӨЗҮНҮН ЧААРЫН ЧЫГАРУУ** *к.* **көзүнөн чаары чыгуу.**

**КӨЗҮНЧӨ** Кимдир бирөө же бир нече киши, көпчүлүк көрүп турган, катышкан шартта, көз алдында, жашыруун эмес, көрүнөө. *Уяттуу кишилердин көзүнчө бакылдап, баланы чүнчүтө бербесеңчи* («Ала-Тоо»). *Кайнатамдын көзүнчө айтыша бербейин деп, үнчукканым жок* («Чалкан»).

**КӨЗҮҢ АККЫР** Тилдөө, каргоо, жекирүү маанисинде (көбүнчө ыгы жок ыйлай берүү же кандайдыр бир ишти ж.б. көрбөй аткара албай калпыстык кетирген учурларга карата) колдонулат. *Көзүң аккыр эмне болду, сага! Көзүң аккыр, карбаластабай түз баспайсыңбы?* («Ала-Тоо»). **В.: Көзүңө ак түшкүр!** *Көзүңө ак түшкүр, жакшы карабайсыңбы* («Чалкан»). *Көзүмө ак түшсүн! Тигинтип алар, өз түтүндөрүн өздөрү булатып жатканына тобо дебей дагы бышактап коём* (Кушубеков). **Көзүңө ак түшсүн!** *Көзүңө ак түшсүн! Эмнеге мынча ыйлай турган жөнүң бар деди* («Ала-Тоо»). **Көзүң кашайгыр!** *Көзүң кашайгыр! – деп кыйкырып жиберди, темселеп эшиктин көзүн сыйпалап жүрүп* (Касымбеков).

**КӨЗҮҢ ЖАМАНДЫКТЫ КӨРБӨСҮН** Өзү көргөн, өзү үстүнөн чыккан кандайдыр бир жагымсыз, укмуш окуяны баяндоо анын адамга терс таасир этишин, жек көргөндүгүн, өкүнгөндүгүн билдирүүдө колдонулат. *Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Жер бир заматта айлан-көчөк болуп кеткенсиди* (Жусупов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, жөн эле тепсеп кетсе жер менен жексен кылчудай* (Медетов). *Көзүң жамандыкты көрбөсүн, бири ачкадан өлүп жатты, бири окко учуп каза тапты* («Ала-Тоо»).

**КӨЗҮҢДҮ АЧ** Абайла, байка, сак бол, ушунчанда эсиңе кел деген сыяктуу, кекетүү, зекүү маанисинде колдонулат. *Мен ферма башчысы экенимди таанып ал, көзүңдү ач! –деп Суксур кабак чытып, Дөөткө өкүм үнчүгат* (Осмоналиев). – *Мырза көзүңүздү ачыңыз! Мырза, дагы айтам, абийириңиз барда кетип калыңыз* (Каимов). **В.: Көзүңдү кара.** *Сен бала, көзүңдү кара, өзүң комсомол болуп туруп, кой өлтүрүшүң уят, – деп күпүлдөдү да кайра жүрүп кетти* (Жантөшев). – *Ой, карыя, көзүңдү кара! – деп бир маалда үстүртөн кыйкырык чыкты* (Жусупов). **Көзүңө кара!** *Балам, көзүңө карасаң боло? Этекжеңиңди жыйнап жүрчү, – деп гана эскертчү* (Осмоналиев). – *Көзүңө кара, уулум, эми суу соолчу болсо милиция менен келем* (Сыдыгалиев).

**КӨЗҮР** 1. Карта оюнунда башкысы катарында эсептелип, калган түрлөрдүн кайсынысын болсо да басууга жараган картанын түрү. *Туздун көзүрү. Көзүр менен басуу.* 2. Кандайдыр бир артыкчылыгы, үстөмдүгү же бир нерсеге, зарылдыгы болгон адамга карата айтылат.

**КӨЙ** 1. Мыкты, чыгаан, тандалган. *Көй кашкалар баарың бил* («Манас» С.О.). *Алтын чынжыр, жез түркүк, Аса байлап көй күлүк*

(«Манас»). *Көй буудандын баарысын Такыр тартып алды де* («Манас»). *Акылы артык бир башка, Ааламдан чыккан көй кашка* («Эр Төштүк»). *Көй кашка элем арыдым, Көк жал элем талыдым* («Сейтек»). 2. Өңчөй, жалаң, абдан. *Кырк кылымдан чыккан көй кашка* («Манас» С.К.). *Алаштан чыккан көйкашка* («Манас» С.О.). *Көй күлүктү көргөндө, Кулкүдөн Жакып жат болду* («Манас»). *Кармаш кылып көрүүгө, Көй душманды өңүүгө, Ою жүрөт Сейтектин* («Сейтек»). *Көй төрөлөр жөнөдү, Көпкөк темир кийинген* («Манас»). *Акылга дыйкан көй батыр, Айтууга менде сөз жатыр* («Манас»).

**КӨЙ КАШКА** 1. Өзүнүн эң мыкты сапаттары, акылмандыгы, эрдиги, өткүрлүгү менен башкалардан айырмаланып турган, өтө чыгаан. *Кызыл байрак кырк кашка, Кылыгы журттан бир башка, Кырааны Манас көй кашка* («Манас»). *Акылы артык бир башка, Ааламдан чыккан көй кашка* («Эр Төштүк»). 2. Уят-сыйыты жок, абдан ачык, тартынганды билбеген. *Мунун көй кашка экени байкалып турат, – деди кайнене нааразы болгон кейипте* («Ленинчил жаш»).

**КӨЙГӨ САЛУУ** 1. Көзүн будамайлоо, жаңылтуу, азгыруу. *Кутулду бир ажалдан туткун карып, Амалдап куу зулумду көйгө салып* (Бөкөнбаев). *Ай, чолпонун көйгө салып, Алгың келген токолдукка* (Бөкөнбаев). 2. Азапка салуу, убаралантуу. *Шол сыяктуу көйгөй жаш, Көйгө салат ар кандай* (Молдо Кылыч).

**КӨЙГӨЙ** Көңүлдү өйүп, кыжаалат кылган, чечүүнү талап кылган маселе.

**КӨЙКАП** 1. *миф.* Жердин айлана-четин курчап турган тоолор. 2. Өтө алыс жерлер, дүйнөнүн бир чети. *Көкөйдү кесип зар заман, Көйкапта элим жатканда* (Бөкөнбаев). *Көркөмдүү элден ажырап Көйкапта кандай жүрдүңүз?* (Токтогул). *Артыңдан издеп табамын, Көйкапты карай өтсөң да* («Эл адабияты»).

**КӨЙКӨЛ** Кооз, көркөм көрүнүштө болуу, жайкалуу, сенселүү, теңселүү. *Көк асмандай көйкөлгөн, Сулуулук биздин көлдө бар* (Нуркамал). *Шайыр көйкөлө басып, тамакашын иреттеп коё берди* (Убукеев). *Пахта талаасы көйкөлүп сонун көрүнөт* (Байтемиров).

**КӨЙКӨЛТ** **көйкөл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЙКӨЛҮҮ** **көйкөл** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЙЛӨ** Майда нерсени (мис., талканды) суюк нерсе менен мыжыгып аралаштыруу.

**КӨЙЛӨӨ** **көйлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЙНӨГҮНДҮ УЙ ЖЕГИР** Көбүнчө жаш балдарга карата жемелөө, тыюу иретинде (жаш балдардын улутунганы, үшкүргөнү жаман жөрөлгө деген мааниде) колдонулат. *Уктап жаткан баласы үшкүргөндө, ой тилегиң каткыр, көйнөгүңдү уй жесин! – деп үн чыгарды чоң эне* («Ала-Тоо»).

**КӨЙНӨК** Күрмө, кемсел сыяктуу сырт кийимдердин астынан кийилүүчү жалаң кат кийим. *Өтүгүндө така жок, Көйнөгүндө жака жок* (Калмырза). *Сырт көйнөк. Ич көйнөк. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет* (макал).

**КӨЙНӨК-КЕЧЕ** Ар түрдүү жеңил кийим кечелер. *Жийдегүл Ашырдын көйнөк-кечелерин жуушка киришти* (Сасыкбаев).

**КӨЙНӨК-КӨНЧӨК** **көйнөк-кече** менен бирдей. *Жылдызкан түнү менен көйнөк-көнчөгүн жууду* (Байтемиров).

**КӨЙНӨКТҮ МУРДА ЖЫРТУУ** Мурда төрөлгөн, улуулук жагы бар, ага караганда көбүрөөк билет деген мааниде. *Мен Шариптен беш көйнөктү мурда жыртып, беш кабырга мурда сыйыргандык кылдым* (Бейшеналиев).

**КӨЙНӨКЧӨН** Жалаң көйнөк менен, сырт кийимсиз. *Чыкыроон суук болгон менен, цехтен жумушчулар көйнөкчөн иштеп жатышты* (Сасыкбаев).

**КӨЙРӨ** *диал.* 1. Чайнек. 2. Мискей.

**КӨЙРӨҢ** Мактанчаак, көтөрүлмө. *Күлүк минсең күүлөнүп, Эки жагың каранба, Көйрөң атка коносуң* (Токтогул). *Көйрөң болсоң көмүлдүң, Эл көзүнө жеңилдиң* (Токтогул).

**КӨЙРӨҢДӨН** Мактануу, көйрөңдүк кылуу, көтөрүлүү. *Жакшы кийсең, жаш балдар, Көйрөңдөнүп элирбе* (Токтогул).

**КӨЙРӨҢДҮК** Мактанчаактык, көтөрүлүп, көйрөңдөнүп кетүүчүлүк.

**КӨЙРӨҢСҮ** **көйрөңдөн** менен бирдей.

**КӨЙҮТ** Ары-бери чаргытуу, азгыруу, көйгө салуу. *Көйүткөн сөздөр.*

**КӨК I** 1. Заттын өңү-түсү, көгөргөн түс. *Көк шайы. Көк кемсел. Көк боёк.* 2. Чийки, быша элек, өңү кыярбаган, бышпаган. *Көк алма. Көк өрүк.*

**КӨК II** Асман. *Арсак тоолор көктү көздөй чалкалап, сан жеткис жылдыздар жымыңдайт* (Сасыкбаев).

**КӨК III** 1. Жашыл чөптөр. *Жердин кыртышы тоборсуп, көк жабырап чыга баштады* (Сыдыкбеков). *О Тоо көгү жаңыдан тишке илинип келе жаткан кез* (Абду-момунов). 2. Жашылчалар, жер жемиштер. *Көк базар.* 3. Жалпы эле дыйканчылыкта өндүрүлгөн түшүм. *Күз келип, акты-көктү жыйнаганга киришүү башталды* («Ала-Тоо»).

**КӨК IV** Айтканын, ойлогонун бербеген өжөр, айтканынан кайтпаган кежир. *Ыйласа басылбаган, таарынса жазылбаган көк бала турбайбы* («Жаш ленинчи»).

**КӨК V** Малдын чылгый терисинен тилинип, бир нерсени (мис., чокойду, керегени) көктөш, бекитиш үчүн колдонулуучу ичке тасма.

**КӨК АЛА** 1. Көк менен ак аралашкан, ала-була болгон түс. 2. Жанчылуудан, бир нерсеге катуу урулуудан денеге көгөрүп түшкөн так. *Ажардын бүткөн бою көк ала, эки көзү шишиктен көрүнбөйт* (Жантөшев).

**КӨК АЛА КОЙДОЙ СОЮУ** Абдан катуу уруу, сабоо, токмоктоо. *Айылдын ээн баштары кечээ күнү старчынды көк ала койдой союптур* (Каимов). *Былтыр Сарыбай Канымбүбүнү көк ала койдой союп салганда, анын боюнан түшүп, далайга төшөктө жаткан* (Айтбаева). **В.: Кызыл койдой союу.** *Эткен качанаак неме эле, кызыл койдой сойгула* (Сыдыкбеков).

**КӨК АШЫК** Иттин эки жаштагысы.

**КӨК БАРАҢ** 1. Эски мылтыктардын бир түрү. *Көтөн ооз көк бараң* («Манас» С.О.).

**КӨК БАШЫ** Суу бөлүштүрүүчү, сууну тейлөөчү, мурап. *Көк башы Актандын ак көңүл, пейли түз экенин алар билишет* (Бейшеналиев).

**КӨК БЕТ** Оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, долу, абдан өжөр. *Көк бет болбой эле кой, агаңдын ачуусу жаман, башы-көзүңдү жарып туруп эле учкаштырып берет* («Ала-Тоо»). *Калпа өзү өтүнүп отурса, мынча көк бет болуп дулдуюшу жарабас* (Бейшеналиев).

**КӨК БООР** Курсак көңдөйүнүн сол жак үстүнкү бурчундагы кан шариктерин бөлүп чыгаруучу орган.

**КӨК БӨРҮ** Кыргыз, казак ж.б. элдердин улуттук оюну. Ат спортунун бир түрү. Улак же серке мууздалып, баш, шыйрагы кесилип ташталат. Улакчылар жакшы атка минишип, бирдей санда эки жаатка бөлүнөт. Оюндун максаты жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан белгиленген жерге алып келип таштоо. *Көкбөрү тартып чаң салып* («Манас» С.К.). *Эр сайыштын артынан байге, көк бөрү башталды* («Ала-Тоо»). *Көк бөрү тартып жаштары, Көбүнчө ойноп жүрүшкөн* (Казыбек). *Тай минген балдар ызгыта жарышып, көк бөрү тартып жүрүшөт* (Сыдыкбеков). *Кара-Алманын боорундагы бабалар, Көк бөрүгө тартып кетти улакты* (Закирова).

**КӨК БӨРҮ КЫЛУУ** Таламай кылуу, көптөп тытып кетүү, талоонго түшүү. *Тиги эшиктен да, бул эшиктен да саксактап чуркап чыгышты, Егорду көк бөрү кылып кетишти* (Саатов). **В.: Көк бөрү болуу.** *Аны көрүп-билип турган башы бар киши кайдан чыргоо тарт-сын, көк бөрү болуп кетер* (Кыдырмышев).

**КӨК БӨРҮЧҮ** Көк бөрүнү мыкты тарткан, көкбөрүгө көп түшкөн адам. *Ал жылкы заводунун жумушчусу Тайлак деген көк бөрүчү болуп чыкты* (Каимов).

**КӨК БӨРҮЧҮЛ көк бөрүчү** менен бирдей. *Көк бөрүчүл түгөнгүр, Ээрге жапма салды эми* («Эр Табылды»).

**КӨК БУКА I** *миф.* Жерди мүйүздөрү менен тиреп көтөрүп туруучу бука.

**КӨК БУКА II** 1. Элдик оюндардын бири. *Ишенимге ээ болгондор Хан каганатынан келген элчиге, анын шериктерине, көкжалдарына, ат токуударына көк буканы, ат чабышты, тай чабышты, төө жарышты, көк бөрү тартышты, эр сайышты, жамбы атууну көрсөтүштү* (Субанбеков). 2. Жерди чуңкур-чуңкур кылып оюп, топту же башка тоголок нерсени таяк менен тоголото уруп чуңкурларга киргизүү аракетин жасоочу балдар оюну.

**КӨК БУУСУ ЧЫГУУ** Көл-шал болуп тердөө, алка-шалка тер басуу. *Көк бөрүдөй жулунуп, көк буусу чыгып тартышып* («Манас»). *Көк бууңар чыкканда кирейин. Тартышып көргүлө, кимиңерди кимиңер ыяндырар экенсиңер* (Бейшеналиев).

**КӨК ЖАЛ** 1. Күчтүү, мал-жанга тартынбай кол салган чоң карышкырлардын эпитет аты. 2. *өт.* Тайманбас, жалтанбас баатыр, кайраттуу. *Үкүрчүнүн оюна, Үч-Капканын боюна, Көкжал Манас таянды* («Манас» С.К.). *Кабылан көк жал Алмамбет, Күндөй бети жаркырап, Ортосуна барды эми* («Манас»). *Каралдыңар Канчоро, Чын көк жалдын биридир* («Сейтек»). *Сооронбай айтканынан кайтпаган көк жал* (Бейшеналиев). *Ырас эле ачуудан ала салганын түйган көк жал, акылга таянып кайра көкөлөөгө батынды* («Ала-Тоо»).

**КӨК ЖАЛКАК** Өтө жылма, жылмакай болуп тоңуп калган, тайгалак, жылгаяк. *Көк жалкак мөңгүгө окшоп суунун өңү* (Маликов).

**КӨК ЖАШЫК** 1. Абдан арык, алсыз, шайы жок. *Каны калган бир кашык, Эти калган көк жашык* («Эр Төштүк»). 2. Даамы жок, супсак. *Өлгөн койдун көк жашык эти оодон түшө калат.*

**КӨК ЖЕКЕ** Эркектердин баалуу, сымбаттуу бут кийими.

**КӨК ЖЕЛЕ** *к.* **асан-үсөн.** *Күнгө карама-каршы тарабынан жааган жамгырда күн нурунан түркүн түстөгү жаа пайда болот. Аны кээде көк желе деп да аташат.*

**КӨК ЖОН** Шайы кеткен, алсыз, начар, дарманы жок (көп төрөгөн аялдарга же көп тууган малга карата). *Көп төрөдү, бечара көк жон болбогондо эмнеси калды.*

**КӨК ЖӨТӨЛ** Эркин дем алдырбай, ыкшытып жөтөлткөн оору. *Балдарга дифтерия жана көк жөтөлгө каршы эмдөө жүргүзүлөт* («Советтик Кыргызстан»).

**КӨК ЖЭЭК** Асман менен жердин бирибирине тийип тургандай көрүнгөн кыйыры. *Айкын асман тоолуу Сулуктүгө көмкөрүлгөндөй болуп, көк жээк мелмилдейт* (Сасыкбаев).

**КӨК КАРГА** Көгүш түстөгү келгин канаттуу.

**КӨК КАРЫН** Тамактын каарын тартып обору ачылып, опкок болуп калган, оңой менен тойбогон. *Кээ бир байлар ошентип көк*

*карын байкушту шылдыңдаганы чын* (Сыдыкбеков). **В.: Көк ичеги.** *Көк ичеги бала.*

**КӨК КАШКА** Таза, туптунук. *Көк кашка суу.*

**КӨК КӨЙНӨК** Уйлардын өтө жугуштуу оорусу. *Көп деп турган уюңа, көтөрмөсүн колго алып, Көк көйнөк энең жетиптир.*

**КӨК КУШ** Түлөгөн алгыр куш, улам түлөгөн сайын көк боло берет.

**КӨК КҮБӨ** Баатырлар, шерлер, эрендер, берендер кийүүчү кылыч кеспес, жебе тешпес, узун жеңдүү тон. *Бирок уздар ушул аралыкта ийине жеткире ийленген териден көк күбө тон, көк жеке, кандагай, ак чүштөдөн көйнөк, саптудан дамбал тигип бүтүшту* (Субанбеков).

**КӨК МЕЛТЕЙ** Өз оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, өжөрлөнүп көшөрө берме, көк бет. *Эргешбай да бир беттегенин бербеген көк мелтей* (Борбуев). Ал *ошондой көк мелтей эле* (Элебаев).

**КӨК МУШТУМ БОЛУУ** Көгөрүп, көп-көк болуп аябай үшүп калуу, абдан үшүп кетүү (көбүнчө жаш балдарга карата). *Аялдамада отурган Нуржан көк муштум болуп, колдору камтууга келбейт. Үрүң-бараңда китеп каптары жер чийип, көк муштум болгон балдар кибиреп кетип баратышат.*

**КӨК МЭЭ** 1. Акылынан айнып калган, кейбир, келесоо, макоо. *Эми мына сен келипсиң, атаңды тигинден ажыратып, шаарга алып кет. Болбосо акемди көк мээ кылат ал* (Акматов). *Көк мээ атама жетсин убалым деп каргап отурат* (Айтматов). *Көп ойлосоң жоругун, Көк мээ кылар башыңды* (Тоголок Молдо). 2. Койдун мээ оорусу. 3. Карышкырдын оорусу.

**КӨК СООРУ** *же* **көк соорун** Анча-чоң эмес, башынын үстү саргыч, калган денеси ачык көк түстөгү келгин куш. *Көк соору учат балалуу Сай боюнда жар менен* (Токтогул).

**КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨК ТАШ** Катуу, көк түстөгү химиялык элемент.

**КӨК ТИЛ** Тантык, көп сүйлөгөн, мыжыкый. *Көк тил тантык деген бар, Көп сүйлөп жанды жеген бар* (Бейшеналиев).

**КӨК ЧАЙ** Жыттуу, кайнатканда саргыч жашыл түс берүүчү, ачуу даамы бар чайдын бир түрү. *Энемдин айтуусу боюнча көк чайды ачуу кылып демдеди* (Жантөшев).

**КӨК ЧОКУ** Көптү көргөн, көптү билген, тажрыйбалуу, оңой менен алдатпаган. *Бул көк чоку кексе чал оңой менен алдатпайт окшойт, – деп ойлоду ичинен* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨК ЧЫБЫК** Эски мылтыктын бир түрү.

**КӨК ЧЫЧКАНЫ БАР** Жолу болбогон, иши онунан чыкпаган же кимдир бирөөнүн ишине кедерги болгон, кесепети тие калган адамга карата айтылат. *Кашгарынын көк чычканы бар эле. Жолу болбогон бейм* (Бейшеналиев). *Көк чычканы барбы, уттуруп койдук дешип мага күлүшту* («Ала-Тоо»). **В.: Кара чычканы бар.** *Ой, жолуң болгур десе, сенин кара чычканың бар окшойт. Мына, иш тескери айланып калды* («Чалкан»).

**КӨК ШАЛЫ** Маасынын, кепичтин кончуна, тумшугуна кооздук үчүн салынган түр, сайма.

**КӨК ШИЛТИ БОЛУУ** Абдан арыктоо, өтө алсыз, начар абалда болуу. *Жай капортосунда эле көк шилти болуп жүрбөй калдым* (Убукеев). *Жаз алды менен көпчүлүгү сүткө жеткиче көк шилти болуп жүрбөй кала турган* (Убукеев).

**КӨКАЙМАН** Жылдыздын аты. *Көкайман көккө батканча, Көпөлөк уйку кандыртып* (Дүйшеев).

**КӨККӨ КӨТӨРҮҮ** Жерге-сууга тийгизбей аябай мактоо, көтөрө чалып мактай берүү. *Жакшы көргөн кишисин көккө көтөрөт да, жаман көрсө жерге урат* («Ала-Тоо»). *Көккө көкөлөтө көтөрөбү, же жерге көмөлөтө тебеби, көрөм* (Бейшеналиев). **В.: Көккө чыгаруу.** *Көккө чыгара мактоо.*

**КӨККӨ КҮЛҮН САПЫРУУ** *к.* **күлүн көккө сапыруу.**

**КӨККӨ ҮНҮ УГУЛУУ** *к.* **үнү көккө угулуу.**

**КӨККӨ ЧЫГУУ** *к.* **асманга чыгуу.**

**КӨКМӨК I** 1. *диал.* Абдан көк, көпкөк. *Биздин жер көкмөк болуп турат.* 2. *аңч.* Куштун түлөгөндөн кийинки өзгөрүлгөн өңү.

**КӨКМӨК II** 1. Эки жаштык аркар. 2. Бугунун эки жаштагы букачары.

**КӨКМӨЛ** *диал.* Көгүш түстүү, көгөрүңкү. *Көкмөл суу. Көкмөл үй.*

**КӨКМӨЛДҮР** *диал.* **көкмөл** менен бирдей. *Көкмөлдүр асман.*

**КӨКНАР** Апийимдин тоголок башы (муну дары катары пайдалануу же апийимчилер кайнатып ичүү үчүн тилбей калтырып коюшат). *Тырмактай наша же көкнары бул баңгилер үчүн ар кандай байлыктан артык* (Абдукаримов). ‖ Ушундай тоголок баштардан кайнатылып алынган суюк зат.

**КӨКНАРЧЫ** Көк нар ичүүчү адам, апийимчи. *Көкнарчы адамга, Көгүлтүр ачуу чай жакшы* (Жантөшев).

**КӨКНАРЫ** **көкнарчы** менен бирдей.

**КӨКӨ** 1. Көк, асман. 2. Кудай, асманды кудай маанисинде түшүнүү. 3. Кожоюн, ээ, башчы. *Лаат –манат, көкөдөн Ыраспы динден кайтканың?* («Манас» С.О.).

**КӨКӨ ТЕҢИР** 1. Асман, көк. 2. Кудай. *Көсөөнүн мурутундай сербейген айылдын улуу-кичүүсү калбай келип: «Барпынын арбагы колдосун! Кыргыздын пири жар болсун, Көкө теңир жолуңду ачсын!» – деп чурулдай бата беришти* (Осмоналиев). *Көкө теңир ага жар* («Манас» С.О.). *Көкө теңир колдо деп, Лаанатка жалбарып* («Манас»).

*Ушундай бала бербеген, Көкө теңир буркандар, Мага эле сараң көрүнөт* («Семетей»).

**КӨКӨЙДӨН КЕТПӨӨ** Эстен чыкпоо, унутулбоо (жаманчылык, жаман иштер жөнүндө). *Сен деп койсоң, сегиз жылы кектейт, Көкөйүнөн кетпейт* («Чалкан»). **В.: Көкөйдө калуу.** *Мунун баары Жылдызкандын көкөйүндө калды* (Байтемиров).

**КӨКӨЙГӨ КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИЙҮҮ** Абдан тажатуу, көңүл калтыруу, кабыргага батуу. *Хандын зулумдугу көкөйгө көк талкандай тийди* («Жомоктор»). *Ал апаңдын көз жашын көлдөттү. Көкөйгө көк талкандай тийди* (Тойбаев). *Орой жана зөөкүрчүлүк мамилелери, алардын көкөйүнө көк талкандай тийди* («Кыргыз Туусу»). **В.: Көкөйгө көк таштай тийүү.** *Артыкча жокчулук журттун көкөйүнө көк таштай тийди* (Баялинов). *Оор турмуш анын көкөйүнө көк таштай тийди* (Бектенов). **Көкөйүнө тийүү.** *Баштан өткөн оорчулук, жокчулук жаш баланын кендирин кеспедиби, көкөйүнө тийбедиби* (Баялинов). – *Кудай кары үргү-сүргү көкөйүнө тийгенби* (Бейшеналиев). **Көкөйгө тийүү.** *Демек, көкөйгө тийген алардын запкысы* (Абдыраманов). *Көкөйгө тийген бул жоруктан улам тигиге көрүнбөөгө аябай аракеттенчүмүн* (Медетов). **Көңүлгө көк таштай тийүү.** *Бирок, көңүлгө көк таштай тийип, көшөкөрлүккө, жагымсыз жаатташууга, кереги жок кектешүүгө чейин барды.* **Көңүлүнө көк талкандай тийүү.** *Жалгыздык, бойдок жүрүү көңүлүмө көк талкандай тийди.* **Көңүлүнө көк чайдай тийүү.** *Бир канча күндөн бери көңүлдөрүнө көк чайдай тийген өрттү эстешти* («Ала-Тоо»). **Көңүлүнө тийүү.** *Анын азыркы көргөн ызакордугу көңүлүнө катуу тийип, баланын сезими чочуп калбагай эле деп сестенет* (Өгөбаев).

**КӨКӨЙГӨ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨКӨЙДӨН КЕТКИС** Эч качан унутулгус, эстен чыккыс (жаманчылык, жаман иштер жөнүндө). *Тоголок Молдо булардын көкөйлөрүнөн кеткис кара тамга басып, шылдыңга капталтпады беле* (Бейшеналиев). *Бере бериңиз, мырзам, ага көрбөгөн немени көкөйдөн кеткис кылып көтөрүп чапсын* (Тойбаев). **В.: Көкөйдөн калгыс.** *Согуш көкөйдөн калгыс иштерди жасады* (Абдукаримов). **Көкөйдөн чыккыс.** *Көкөйдөн чыккыс зордук-зомбулукту көрүштү* (Элебаев).

**КӨКӨЙҮН КЕСҮҮ** Көңүлүн калтыруу, каары өтүү, жанга батуу. *Алчактап өсөр чагында ачарчылык жанына батып, көкөйүн кести* (Ашымбаев). *Бабасы Музоокеден ажыраганы жетимдик көкөйүн кесип, эч кимден мээридүү мамиле көрбөйм го деген ойдо эле* (Бейшеналиев). *Опосуз дүйнө, балким, бу бечаранын көкөйүн кесип, акыл суроого келгендир* (Каимов). **В.: Көкөйүн өйкөө.** *Агасынын «апаңа сырдаш анда» деген ишаарасы көкөйүн өйкөгөн жаратты жаңылата чукугансыды* (Бейшеналиев).

**КӨКӨЙҮНӨ ТАК САЛУУ** *к.* **көңүлүнө так салуу.**

**КӨКӨЛӨ** Көккө карай көтөрүлүү, асмандоо. *Торгойлор көкөлөй учуп, көтөрүңкү сайрады* (Убукеев). *Көпөлөктөр арык казгандардын үстүнөн көкөлөдү* (Сыдыкбеков).

**КӨКӨЛӨӨ** **көкөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨКӨЛӨТ** **көкөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨКӨМЕРЕН** *бот.* Курамында эфир майы бар, дары катарында пайдаланыла турган өсүмдүк.

**КӨКӨНӨ** 1. Согуштук ураан. Көктү кудай деп түшүнүп, анын атын атап, ага кайрылып согушка кирүү. 2. Оо кудай! маанисин туюнткан көктөн жардам тилегенде айтылуучу сөз. *Көкөнө! – деп, чуркурап* («Манас» С.О.).

**КӨКСӨ** Бир нерсени тилек кылып эңсөө, самоо, жеткиси келип тилөө, кумарлануу. *Туралбастан көксөдүм, Туулуп-өскөн жеримди* (Казыбек). *Эзелден элим көксөгөн, Эркиндик заман так ушул* (Бөкөнбаев). *Түлкүбек көптөн көксөгөн жерге куш салып, кумардан чыгайын деп жөнөп калды* (Жантөшев).

**КӨКСӨӨ I** Карыган, карылыгы жеткен. *Келиптир кары-жашы шашылбастан, Жүрүшөт көксөө чалдар чалыш баскан* (Үмөталиев).

**КӨКСӨӨ II** **көксө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨКСӨСҮ СУУ** 1. Бирөөдөн өч алуу, кек алуу, максаты орундалып канааттануу, эңсегени басылуу, жаны жай алып, көңүлү тынчуу. *Тигил өргөө жактан «зып-зып» чабылган камчынын дабышы чыга түшкөндө Маралбайдын кыбасы кангандай көксөсү сууй түштү* (Сыдыкбеков). *Көксөсү сууп, көңүлү жайланган Касымбек темир меш лепилдете жылуу жагылган ысык үйүндө* (Бейшеналиев). 2. Кандайдыр бир жаманчылыкка күйүп-бышып, анын болгондугуна, чын экендигине көзү жетип биротоло түңүлүү, көңүлү кайт болуу, сууп калуу. *Анын да көксөсү сууп калмак, кыз алган жарына бир ууч топурак салып калса* (Бердикеев). *Жылдызканды «табылды» деген бир сөз эле укса, көксөсү сууй түшкөнү турат* (Байтемиров). *Акыры сенин да көксөң сууйт, үмүт үзөсүң* (Медетов). **В.: Көксөсү басылуу.** *Мына ушул жолугуштан кийин, бир аз көксөсү басылып калды* (Абдукаимов). **Көкшүнү суу.** *Деликккен балдардын көкшүнү сууп, ыргылжың тарап кетишти* (Абдыраманов). – *Көрүп көкшүнү суусун, өчү кансын деп ала келген элек, – деди амир Музафар муңайып* (Касымбеков).

**КӨКСӨТ** **көксө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨКТАЛ** Желдик. *Манаттан кундуз тердиги, Көктал экен желдиги* («Эл адабияты»).

**КӨКТӨ I** 1. Жалбырагы, сабагы көгөрүү, көпкөк болуп өсүү, сенселүү. *Жаз чыгып, бакдарак бүчүрлөрү көктөй баштады* («Ала-Тоо»). *Жагалмай учуп жетпеген, Жапан чөл бүгүн көктөгөн* (Бөкөнбаев). 2. Жазгы көктү оттоо, көк жерге жайылуу (малга карата айтылат). *Адырда бир короо кой көктөп жүрөт.* 3. Малга көктөм маалындагы көктү, жайытты жедирүү, оттотуу үчүн белгилүү жайга конуп отуруу (малчыларга карата айтылат). *Быйыл чоң атамдар көлдү көктөдү* («Ала-Тоо»). 4. *өт.* Өсүп-өнүү, иши оңолуу. *Иниңиз дээри болсо көктөп, киши болор жерине келди* («Чалкан»).

**КӨКТӨ II** 1. Көк менен тигүү. *Таманына шири көктөгөн кончу кыска кийиз чокой* (Токомбаев). 2. Шоона же башка жип менен каткат болгон нерсени чоң-чоң сайып, кабаттап тигүү. *Жууркан көктө. Эки каттап көктөп коюу.*

**КӨКТӨЛ көктө II** этишинин туюк мамилеси.

**КӨКТӨМ** Көк чыккан мезгил, эрте жаз. *Көктөмдөгү кой төлдөөдө жаш козуларга көз салган сакманчы керек* («Ала-Тоо»). *Көктөм күткөн көчкү-карлуу көңүлүм, Кезинде үнсүз келбетиңе мас элем* (Келдибекова).

**КӨКТӨН ТИЛЕГЕНИ ЖЕРДЕН ТАБЫЛУУ** Көптөн бери самап, издеп жүргөнү оңой-олтоң оруңдалуу, ишке ашуу, ыңгайы келип, ондой берди болуу. *Мураттын көктөн тилегени жерден табылып, ичинен кубанды* (Байтемиров). *Көктөн тилегени жерден табылып, көксөгөн буюмдар колуна тийгенден кийин Алфина көздөн кайым болот* («Чалкан»). **В.: Көктөн издегени жерден табылуу.** *Көктөн издегени жерден табылып, эңсегенине туш келип, жолу ачылды* (Бердикеев). *Мураттын көктөн издегени жерден табылып, ичинен купуя сүйүндү* (Бейшеналиев). **Асмандан издегени жерден табылуу.** *Асмандан издегени жерден табылбадыбы, кудай берем десе ушинтип берет* («Ала-Тоо»). *Күтүлбөгөн суроо үстүмдөгү ныгырган оордукту кимдир бирөө алып ыргыткандай жеңилдетти, асмандан издегеним жерден табылганына сүйүндүм* («Кыргызстан маданияты»). **Көктөн күткөнү жерден табылуу.** *Көктөн күткөнү жерден табыла калгансып, мага келген киши го деп жетип барган* (Эралиев).

**КӨКТӨН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ** *к.* **асмандан түшө калгандай.**

**КӨКТӨӨ I көктө I** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨКТӨӨ II көктө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨКТӨТ I көктө I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨКТӨТ II көктө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨКТӨШ көктө II** этишинин кош мамилеси.

**КӨКТҮ КАРОО** Көөдөнүн көтөрүү, өзүн жанга теңебей менменсинип көөп кетүү, кекирейүү. *Буластатып буулум кийген, булкунтуп жорго минген жеңесинин көзү көктү карайт* (Бектенов). *Офицер болуп чыккандан кийин дүнүйөнү токумдай көрүп, көктү карап калдыңбы* (Абдукаимов).

**КӨКТҮК** Өжөрлүк, кежирлик, айтканынан кайтпагандык. *Көктүккө салып көшөрүп, Көп кайгыга чыдадык* (Элебаев). *Көктүгүңдү койбосоң, Бөөдө өлүп каласың* («Эр Табылды»).

**КӨКТҮН КЫЙГЫЛ СУУСУ** Шарап. *Кызмат кылган кыз-келин, жигиттер каткырып-күлүп, тамаша чалып, дембе-дем көктүн кыйгыл суусунан улам чөйчөккө толтуруп, сунуп жатышты* (Даникеев).

**КӨКТҮН СУУСУ** Жуурат, айран, сүт, кымыз сыяктуу тамак-аш. – *Көктүн суусун аябай бир кесе айран куюп кел,* – *деди* («Ала-Тоо»).

**КӨКТҮҮ** Чөптүү, чөбү калың, көк чөп чыккан. *Көктүү жер. Көктүү талаа.*

**КӨКҮ** 1. Эсирүү, тил албоо, кежирленүү, көгөрүү, оюна келгенин бербөө. *Атасы келгенден бери көкүп кетти.* 2. Үркүү, чочуу, чочуп жалт берүү. *Ат укурукту көрүп көкүп кетти.*

**КӨКҮЛ** 1. Жылкынын мандай жагына түшүп турган кылы (жалдын уландысы). *Күлүктөрдүн көкүлдөрү келеп жип менен түйүлгөн* (Осмоналиев). 2. Мандайдан чекеге түшүрүлүп коюлган кыска чач. *Зарылдын көкүлү өрүмгө кирбей, каш үстүндө үлпүлдөөдө* (Сыдыкбеков).

**КӨКҮЛДҮРҮК** Жүгөндүн көкүлдү басууга ылайыкталып жасалган бөлүгү.

**КӨКҮЛДҮҮ** Көкүлү бар, көкүл койгон.

**КӨКҮРӨГҮ КӨКТӨ** Дымагы күчтүү, көңүлү көтөрүңкү, эч капарсыз. *Мына ушундай көкүрөгү көктө жүргөн кезинде, жаштыгына да, багына да кызымтал чагында, тал түштө көч үстүндө чачы кыркылганы ага өтө катуу тийди* (Касымбеков).

**КӨКҮРӨГҮ ТУНУК** Акыл-эстүү, сезимдүү, зээндүү. *Токтогул акындардан түйгүн болгон, Көкүрөгү тунук акын булбул болгон* (Барпы). *Көкүрөгү тунук кишиге айла жок тура? Көңүлү жакын көсөлү, Көкүрөк тунук чечени* («Манас»).

**КӨКҮРӨГҮН БАСУУ** Бир азга тыным алуу, эс алуу, бир аз тыныгуу. *Атың көкүрөгүн бассын, аттан түш,* – *деди* («Жомоктор»). *Эми көкүрөгүңөрдү басып, жай олтуруп, чай-чамек ичип кеткиле* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨКҮРӨГҮН КӨТӨРҮҮ** 1. Бой тартуу, бойго жетүү. *Бирөөнүн алпештеген жалгызы*

*көкүрөгүн көтөрө элегинде «Көк жетим» атыгып, Шекердин колуна барды* (Касымбеков). 2. Менменсинүү, бой көтөрүү, мактануу, баатырсынуу. *Мени менен ойногуңар бар ээ? – Жыламышев көкүрөгүн көтөрө сүйлөдү* («Чалкан»).

**КӨКҮРӨГҮН МУЗ КАПТОО** *к.* **жүрөгүн муз каптоо.**

**КӨКҮРӨГҮН ӨРГӨ АЙДОО** Курулай мактануу, кыйынсынуу, өзүн-өзү көтөрө чалуу, дымагын көтөрө берүү. *Ай, мен ай, алда канча көйнөктү мурун жырткамын деп тыңдуусунуп, көкүрөктү өргө айдап жүрбөйүмбү* (Жантөшев). *Көкүрөгүн өргө айдагандардын эченин көргөнбүз* (Кыдырмышев). **В.: Көкүрөгүн өргө чабуу.** *Анын кабарын алыстан угуп, көкүрөгүн өргө чапкан жигиттерге ал тамашага жооткотуп: «Эй, Мира силерди теңине албайт, жаш кызды чочутпагыла», – деп оюндагысын айтып таштады* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨКҮРӨК** 1. Дененин төш жагы, көөдөн жак бөлүгү. *Сансыз Каныбекти көкүрөгүнө кысып дагы өпкүлөдү* (Жантөшев). *Көңүлү көтөрүңкү Сабыр көкүрөгүн кере терең-терең демин алды* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Эс, көңүл. *Нурадин атасынын кебин толук көкүрөккө түйүүгө сөз берди. Тумар көкүрөгүнө кек түйүп калат* (Жантөшев). *Көкүрөктө кирим жок, Кулак салгын сөзүмө* (Жантөшев). 3. *өт.* Тоонун этек жак тарабы, талаадан жогорку, өйдөкү тарап. *Көкүрөк тараптагы айыл.*

**КӨКҮРӨК АЧЫК** Акылдуу, билимдүү маанисинде. *Көкүрөк ачык болбосо, Көзүң көрүп не кылат* (Калыгул).

**КӨКҮРӨК КАГУУ** Менменсинүү, көтөрүлүү. *Демим сеникинчелик барбы, жокпу, көкүрөк каккан жан эмесмин. Бирок, сага суктандым* (Казакбаев).

**КӨКҮРӨК КЕРҮҮ** Көтөрүлүү, менменсинүү, мыктысынуу. *Гүлайым ала көөдөндөргө окшоп, мактанып көкүрөк кербейт* (Абдукаримов).

**КӨКҮРӨК КЛЕТКАСЫ** Адамдын, айбандардын жүрөк, өпкө, кызыл өңгөч сыяктуу ички органдары жайгашкан көөдөн жак бөлүгү.

**КӨКҮРӨК КҮЧҮК** Эң кенжеси, эң кичүү баласы. *Бул менин көкүрөк күчүгүм, мен десең ушул баламын атын атабай тергегин деди* (Жантөшев). *Ата кургур кантсин, көкүрөк күчүгү Шарипаны жакшы көрчү* (Сыдыгалиев). *Мына бул – ортончум, мына бул – көкүрөк күчүгүм, кенжем* (Токомбаев).

**КӨКҮРӨККӨ БЕК ТҮЙГӨН** Эсте сактоо, эстен чыгарбоо, унутпоо.

**КӨКҮРӨККӨ КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨКҮРӨКТҮҮ** 1. Көкүрөгү кең, көөдөнү чоң. 2. *өт.* Эстүү, акылдуу, зээндүү. *Көкүрөктүү адам түшүнөт го дедим* («Ала-Тоо»).

**КӨКҮТ** Эрегиштирүү, кайраштыруу, тукуруу. *Сокур намыска жеңдирген ага-ини Серкебайды көкүтүштү* (Сыдыкбеков). *Каардандан эне Абдыракманды көкүттү* (Сыдыкбеков).

**КӨКҮТКҮ** Көкүтүп айтылган сөз, эрегиштирүү, кайраштыруу максатында айтылган сөз, кеп. *Турумтай жеңенин көкүткүсүн угуп, Алымбай Батийнага айкырды* (Сыдыкбеков).

**КӨКЧҮЛ** Көгүш, көгүлтүр. *Өңү көкчүл келген кездеме.*

**КӨКЧҮЛ ҮЙ** Тогуз корголдун тактасынын сол жаккы экинчи чуңкуру.

**КӨКШАЛ** *тар.* Кашкар тараптагылардан тараган көгүш, жашыл түстүү булгаары жана ушундай булгаарыдан тигилген өтүк.

**КӨКШАЛДА** *диал.* Бут кийимди саймалаган сыяктуу кылып көк жип менен кооздоп тигүү.

**КӨКШАЛДОО** **көкшалда** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨКШИМҮҮР (көккатын)** Эрин гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк уруусу.

**КӨКШҮН I** Алдан, күчтөн тайып, өтө карыган адам, чал, кары. *Сайкын баки, көкшүн чал, Опузага салбаңыз* («Эл адабияты»).

**КӨКШҮН II: көкшүнү суубоо** Көксөсү суубоо, эңсегени басылбоо, самай берүү. *Көкшүнүм суубайт өч албай, Көз жумчу коркок эмесмин* (Бөкөнбаев).

**КӨКШҮНҮ СУУ** *к.* **көксөсү суу.**

**КӨЛ** 1. Кургактыктын табигый түрдө суу толуп калган чуңкур аянты. *Ысык-Көл. Соң-Көл.* 2. Суу толтурулган жасалма көлмө. *Көлгө суу толтуруу. Көл казуу.* 3. *сүйл.* Ысык-Көл өрөөнү. *Көлдөгү кыргыздар, Көлдөн келген жолоочулар.* 4. *өт.* Мол, өтө көп. *Айран, кымыз береке, Агып жатат көл болуп* (Тоголок Молдо). 5. *өт.* Сабырдуу, оор басырыктуу, мүнөзү абдан токтоо, жоомарт, ак көңүл адам. *Көл жигит. Адамдын көлү экен.*

**КӨЛ БУКА** Сазда жашоочу көк кытан түрүндөгү куш.

**КӨЛ КЫЛААСЫ** Көлдүн жээги, жака бели. *Көл кылаасы эс алуучуларга толгон.*

**КӨЛ ТААНУУ** Кургактыктагы көлмөлөрдү (көл, суу сактагыч ж.б.) изилдөөчү илим.

**КӨЛ-ШАЛ: көл-шал болуу** *же* **көл-шал болуп тердөө** Аябай катуу тердөө, тери куюлуу, терге чөмүлүү. *Шыйкымбай көл-шал болуп тердеп жатат* (Токомбаев).

**КӨЛ-ШАЛ ТҮШҮҮ** *к.* **алка-шалка түшүү.**

**КӨЛБООР** Тилемчинин мойнуна асынган баштыгы.

**КӨЛБӨ** 1. Көөлгүү, жайпоо (сууга карата). *Суу көлбөдү.* 2. Улам бир капталына ооп, оодарыла берүү, каалгып козголуу. *Датка көлбөгөн ингендей ооналактайт да, анда-*

*санда сүйлөйт* (Токомбаев). *Ашым кийимдерин чечинип, сууга көлбөдү* (Убукеев).

**КӨЛБӨГӨЙ** Чак эмес, кенен, кең келген кийимге карата айтылат. *Көлбөгөй тон. Көлбөгөй чепкен.*

**КӨЛБӨЙТ көлбөй** этишинин аркылуу мамилеси. *Көкүрөк, белин көлбөйтө тиккен шайы көйнөк* (Байтемиров).

**КӨЛБӨКТӨ** Чоң, кенен болуу, көлбөйүп туруу (кийимге карата). *Көлбөктөгөн тонумдун бүчүсүн чечип баратып, башымды көтөрдүм* («Ала-Тоо»).

**КӨЛБӨКТӨӨ көлбөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛБӨКТӨТ көлбөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛБӨӨ көлбө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛБӨӨРҮ** Кенен болуу, көлбөктөө. *Аял көлбөөрүгөн шайы көйнөк кийип, мойнуна шуру тагынып алыптыр* («Кыргызстан аялдары).

**КӨЛБӨӨРҮТ көлбөөрү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛБӨТ көлбө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛБҮ көлбө** менен бирдей. *Жарышкан туш-тушунан туура суулар, Жарашкан көлбүп ойноп өрдөк, куулар* (Осмонов). *Көйкөлгөн көк шиберге көлбүп, оонап эле жаткың келет* (Баялинов).

**КӨЛБҮТ көлбү** этишинин аркылуу мамилеси. *Ашым эгинди сугарууда арыктагы сууну айдоого көлбүтө жыкты.*

**КӨЛБҮҮ көлбү** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛДӨ** Көбөйүү, көп болуп агуу, ашып-ташуу. *Кар эрип түз мейкинде суулар көлдөп* (Үсөнбаев). *Көздүн жашы кургабай, Көлдөп агып турат го* (Токтогул). *Ак алтын чыгар күбөктөн, Береке көлдөп билектен* (Бөкөнбаев).

**КӨЛДӨЛӨҢ I** Астыга салынып отуруу үчүн саңсан көрпөдөн же башка териден жасалган үй буюму. *Кара курпө көлдөлөң, Баяндоз кабат бүктөгөн* («Эл адабияты»). *Кымка төрүнө саңсаң көлдөлөңүн жайып, эшигин ачты* (Бейшеналиев).

**КӨЛДӨЛӨҢ II** *диал.* 1. Бир нерсенин туурасы, каршысы. *Көчөнү көлдөлөң тосуп, эл небак чогулган* (Жантөшев). *Алдыңа келдим көлдөлөң, каталык болсо кечиргин* (Барпы). *Көлдөлөңүн ченесең, Туз таман жону бар* («Манас» С.О.). 2. Бир нерсенин чогулган, көп болуп жыйылган тобу.

**КӨЛДӨЛӨҢДӨ** *диал.* Көбөйүү, көп болуп жыйылуу, кенен болуп көрүнүү. *Көлдөлөңдөп көөнү өсүп, Көк шиберге көлкүгөн* (Тоголок Молдо).

**КӨЛДӨӨ көлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛДӨТ көлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛКӨЙ** 1. Кийген кийими кенен, чоң болуп, бойго жолобой туруу. *Тону өзүнө чоң келип, боюна жолобой көлкөйөт* («Чалкан»). 2. Жоон, эттүү, эби-сыны жок адамдын же жаныбарлардын түспөлүн, кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат.

**КӨЛКӨЙТ көлкөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛКӨЙҮҮ көлкөй** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛКҮ** Жай, мээлүүн тартып кыймылдоо, мелмилдөө, мемирөө. *Азоо тайдай сайда мөңкүп, Кээде бейбаш, кээде көлкүп* (Үмөталиев).

**КӨЛКҮЙ көлкөй** менен бирдей.

**КӨЛКҮЛДӨ** 1. Суу болгон теридей, чаначтай жибип, жупжумшак болуп калуу, былк-былк этүү. *Жаргак шымы жаанга көлкүлдөп, этине жабышма болуп калды* («Ала-Тоо»). *Эртең менен көзүнүн алды көлкүлдөп шишиген* («Чалкан»). 2. Катуу нерсе эрип, жибиген, мөлт-мөлт этип суюла баштаган абалга келүү. *Көлкүлдөп эриген коргошун. Мөңгүлөр көлкүлдөп эрий баштаган жайкы ысык маал. 3.* Кенен, чоң болуу (кийимге карата). *Өтүгү көлкүлдөп, бутуна чоң келет тура* («Ала-Тоо»).

**КӨЛКҮЛДӨК** 1. Көлк-көлк эткен жумшак, аябай жибиген, былк-былк эткен. *Көлкүлдөк саз.* 2. Аябай кенен, бутка кең келген. *Көлкүлдөк өтүк.*

**КӨЛКҮЛДӨӨ көлкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛКҮЛДӨТ көлкүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛКҮТ көлкү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛКҮҮ көлкү** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛМӨ** Суу топтогон жер, суу толтурулган чуңкур, көлчүк. *Кыштын күнү арыктардан суу акпай, элдин баары көлмөлөргө гана карап калышат* (Абдукаримов). *Көлмөдө балык асыроо иши бул айылдын маанилүү чарбаларынын бири болуп калды* («Кыргыз Туусу»).

**КӨЛМӨК көлмө** менен бирдей.

**КӨЛМӨКТӨ** Суюк нерсе бир жерге топтолуу, жыйылуу. *Жаандын суусу ар кайсы жерге көлмөктөп калган.*

**КӨЛМӨКТӨӨ көлмөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛМӨКТӨТ көлмөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛӨ** Тоголок.

**КӨЛӨЙ** Көлкөйүү, жоон, толук болуу, көзгө толумдуу, бараандуу көрүнүү. *Көлөйгөн сары абышка бурула карады да, айтылган саламды көңүл кош алик алды* (Убукеев). *Көлөйгөн Орунтай казанын бөксөртпөй кайнатып, элди колуна алган* (Бейшеналиев). *Бул өтөктө жүргөн үйлардын ар бири өзүнчө көлөйөт* (Убукеев).

**КӨЛӨКӨ** 1. Нерселер аркылуу жарыктан, нурдан тосулуп, далдааланып турган жай, орун жана ошол жарыкта турган нерсенин экинчи тараптагы тушуна түшкөн сөлөкөтү. *Токтогул асканын көлөкөсүнө жатып үргүлөп кетти* (Токомбаев). *Арыктын боюна, тамдын көлөкөсүнө отурдум* (Айтматов). 2. *өт.* Өтө арык, начар, араң жан. *Тирүү эле жүргөнү болбосо, ал бир эптеп күн көргөн көлөкө* («Чалкан»). 3. *өт.* Далдаа, калканч, таяныч. *Кайрылып душман жолотпой, Калкына болгон көлөкө* («Курманбек»). *Айланайын энеке, Мен болоюн көлөкө* (Токтогул). 4. *өт.* Бала, туяк. *Көлөкөсүз жүргөнчө, Бир балалуу болуп кал* (Токтогул).

**КӨЛӨКӨ ТҮШҮРҮҮ** Салакасын тийгизүү, жамандык кылуу. *Өзүнө көлөкө түшүрбөй, «ушул иште бар бололу» деп антташкан досу Нурбайга көлөкө түшүрдү* (Сыдыкбеков). *Кана эми кимге көлөкө түшүрүп жатат* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨЛӨКӨГӨ ТОН БЫЧУУ** Кимдир бирөөгө же бир нерсе жөнүндө «ушундай болот», «болмокчу» деп, сыртынан божомолдоп жорута берүү, курулай кыялдануу. *Жапар өз алдынча эле кыздын көлөкөсүнө тон бычып жүргөн. Ар ким өз көңүлүндө көлөкөгө тон быча берди* (Каимов).

**КӨЛӨКӨДӨЙ ЭЭРЧҮҮ** Артынан калбай ээрчип алуу. *Ал калпагы кайчыланып, көзү букардын бычагындай жалаңдаган, жүүнү тирүү боз уландын элеси аны көлөкөдөй ээрчип алган* (Осмоналиев).

**КӨЛӨКӨДӨ ӨСКӨН ЧӨПТӨЙ** Өтө назик, алсыз. *Жанындагы жигит колунан эч нерсе келбеген көлөкөдө өскөн чөптөй болгон неме экен* («Ала-Тоо»).

**КӨЛӨКӨЛӨ** 1. Көлөкө кылуу, күндүн, айдын бетин тосуп, көлөкөсүн түшүрүү. *Бийикте деңиз сындуу көпкөк асман, Тоо башын көлөкөлөп булут баскан* (Токомбаев). 2. Көлөкө түшкөн жерде болуу, көлөкөдө отуруу. *Көлөкөлөп отурган адамдар көп* (Баялинов). *Талдын түбүндө көлөкөлөп отурган балдар чуркаган бойдон Алымкулга жетип келишти* (Абдукаримов).

**КӨЛӨКӨЛӨН** **көлөкөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**КӨЛӨКӨЛӨӨ** **көлөкөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛӨКӨЛӨТ** **көлөкөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛӨКӨЛҮҮ** Көлөкөсү бар, көлөкө түшкөн. *Үйдүн арты көлөкөлүү көп дарак* (Баялинов). *Тескей жакка күн анча тийбейт – көлөкөлүү* (Сыдыкбеков).

**КӨЛӨКӨСҮ ТИЙҮҮ** Пайдасы, жардамы тийүү. *Тилегим бир жүргөн, Таята, тийбейт беле көлөкөм* (Үсөнбаев).

**КӨЛӨКӨСҮНӨ ТОН БЫЧУУ** *к.* **көлөкөгө тон бычуу.**

**КӨЛӨКӨСҮНӨН КОРКУУ** Ашкере коркоктук кылуу, болор-болбостон корко берүү, өзүнөн-өзү чочулап туруу. *Ошонуңдун колунан келет дейсиңби? Ал көлөкөсүнөн корккон неме* (Осмоналиев).

**КӨЛӨКТӨ** Эби-сыны, келишими жок.

**КӨЛӨКТӨӨ** **көлөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛӨКТӨТ** **көлөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛӨМ** Бир нерсенин кичине-чоң же азкөп деп айтууга негиз болгон жалпы көрүнүшү, анын узун-туурасын, бийиктигин ж.б. ченөө аркылуу аныкталган жалпы өлчөмү. *Иштин көлөмү. Үйдүн көлөмү. Жүктүн көлөмү. Шардын көлөмү. Китептин көлөмү.*

**КӨЛӨМДҮҮ** Көлөмү чоң. *Анда темир жол бекети, көлөмдүү эки ишкана жана көп сандаган базарлар бар* («Эркин Тоо»). *Көлөмдүү ырлар көп жазып, Эл ишеничин актаган* (Осмонкул).

**КӨЛӨҢКӨ** *сүйл.* Көлөкө. *Ар кайсы жерге коюлган электр шамдары кээде күйүп, кээде өчүп, бак ичине ала көлөңкө түшүрөт* («Ала-Тоо»).

**КӨЛӨҢКӨЛҮҮ** *туурасы:* **көлөкөлүү.**

**КӨЛӨЧ** **к. галош.**

**КӨЛПӨКТӨ** Кенен, чоң кийимчен болуп, эби жок кыймылдоо.

**КӨЛПӨҢДӨ** **көлпөктө** менен бирдей. *Өтүк чечип, бут сунуп, Өзгөчө султан болуптур, Көлпөңдөгөн кутургур, көк кенедей толуптур* («Сейтек»).

**КӨЛПҮ** 1. Кең-кесири, келишимдүү болуп, жайкалып туруу (кийим-кечеге, буюмга карата айтылат). 2. Кенен-чонон, жайкалган жакшы кийим кийип салмактуу, жай басуу.

**КӨЛПҮТ** **көлпү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛПҮҮ** **көлпү** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛТӨГӨЙ** Эби-сыны жок, жоон, ыксыз чоң, көлтөйгөн.

**КӨЛТӨЙ** Эби-сыны жок жоон болуп көрүнүү, көлтөгөй көрүнүштө болуу. *«Көлтөйгөн семиз караны кармагыла!» – деп кыйкырды* («Ала-Тоо»).

**КӨЛТӨЙТ** **көлтөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЛТӨЙҮҮ** **көлтөй** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЛТӨК** Олбурлуу, жоон-жолпусунан келген, бирок ишке жалкоо, жанбакты, жөндөмсүз, олдоксон адамдарга карата айтылат. *А-ай, көлтөгүм, көлтөгүм, Билсеңчи шишиң толгонун* («Чалкан»).

**КӨЛТӨКТӨ** Көлтөйгөн, эби-сыны жок, олдоксон кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат. *Көлтөктөгөн кайраным, колуңан иш келбей, ашка жүк, башка жүк болуп жүрө бересиңби!* («Чалкан»).

**КӨЛТӨҢДӨ** **көлтөктө** менен бирдей.

**КӨЛҮК** 1. Ат, унаа, жалпы эле мингич

мал маанисинде. *Куч көлүгүн семиртип, Байлаган элди карачы* (Токтогул). *Станцияга келсең, араба-көлүктөн басарга орун жок* (Айтматов). 2. Жүк жүктөөчү унаа (адатта, бул түшүнүккө төө кошулбайт). *Тыныктырып көлүгүн* («Манас» С.О.).

**КӨЛҮКТҮҮ** Көлүгү бар, унаалуу.

**КӨЛЧ: көлч-көлч** Суу кирген бут кийимчен басканда же сууну, балчыкты кечкенде чыккан дабышты билдирет.

**КӨЛЧӨ** Кичине көл. *Булуң тарткан көлчөнү калың каз ээлеген. Көчө жалтырап суу, кээ бир жерде ылайланган көлчөлөр көрүнөт.*

**КӨЛЧҮК** Суу токтогон жер, майда көлчө. *Жолдун баары көлчүк-көлчүк суу, баткак* («Ала-Тоо»). *Баткактуу көлчүк сазында Бакалар чуулап чардаган* (Маликов).

**КӨЛЧҮКТӨ** Көлчүккө айлануу, көлчүк болуу.

**КӨЛЧҮКТӨН көлчүктө** этишинин өздүк мамилеси. *Кьштын катуу суугу көлчүктөнгөн сууларды тоңдурду* («Ала-Тоо»).

**КӨЛЧҮЛДӨ** Аябай суу болуп, көлч-көлч этүү. *Мураттын көлчүлдөп суу болгон бут кийими коломтонун жанында турат.*

**КӨМ** 1. Үстүнө топурак таштап жашыруу же бир нерсе менен жаап, бастырып коюу. *Кызылчаны дөбө кылып үйүп, топуракка көөмп кетебиз* («Ала-Тоо»). *Картошка көмгөн ороолор али бүтөлө элек* («Ала-Тоо»). 2. Өлгөн кишини мүрзөгө коюу. *Атайлап өзү көмө албай, Досунун жүзүн көрө албай* («Эр Табылды»). *Карыган апам көзү өтсө, Өз колуң менен көмө көр* (Үсөнбаев).

**КӨМБӨ: көмбө колок** *диал.* Жүгөрү.

**КӨМДҮР көм** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨМКӨР** Идишти же ичи көңдөй башка нерселерди оозун астына каратып оодаруу, көмкөрүлгөн абалга келтирип, түбүн жогору каратып коюу. *Ыйлаак эки чыны чай ичкенден кийин, чынысын көмкөрүп койду* (Байтемиров). *Кулчоронун башына Көктемирден туулга Көмкөрүп башка кийгизди* («Сейтек»). *Бермет аш айран куюлган көнөчөктүн оозуна сыр аякты көмкөрүп, абышкасына келет* (Сыдыкбеков).

**КӨМКӨРМӨ** *диал.* Аркасы бышкандан кийин, бет жагын отко же казанга көмкөрүп кактап бышырган тегерек нан. *Камка көмкөрмөсүнүн жартысын Чаргынга сунду* (Сыдыкбеков). *Жарты көмкөрмө, төрт жумуртка дасторконго келди* (Сыдыкбеков).

**КӨМКӨРӨ** Көмкөрүлгөн, бети, алды жагы ылдый (жерди) караган абалга карата айтылат. *Андрей кызыл вагондогу нардын үстүндө көмкөрөсүнөн жаткан бойдон бир суткага чейин кыймылдаган жок* (Сасыкбаев). *Көмкөрөсүнөн түшүп, жерди тырмалап ыйлап жиберди* (Токомбаев).

**КӨМКӨРТ көмкөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨМКӨРҮЛ көмкөр** этишинин туюк мамилеси.

**КӨМКӨРҮҮ көмкөр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨМӨЙ көмөкөй** менен бирдей.

**КӨМӨК** 1. Жардам, кол кабыш. *Окуучулар колхоздун талаа жумушуна дайым көмөк беришет* (Сыдыкбеков). *Уйлардын сүттүүлүгүнүн көбөйүшүнө жүгөрүнүн силосу зор көмөк берди* («Кыргызстан аялдары»). 2. Жардамчы, жардам берүүчү. *Өнөр болот адамзаттын көмөгү, көмөк да эмес өбөк таяк жөлөгү* (Осмонкул). *Сени заводдун көмөк жумуштарын тейлөө кызматына алалык* (Сасыкбаев).

**КӨМӨКӨЙ** Кичине тил менен тандайдын ортосу. *Көмөкөйүм кургап, тилим оозума батпай калды* (Сасыкбаев). *Көкүрөктө казалым, Көмөкөйдөн жаңырган* (Токтогул).

**КӨМӨКӨЙГӨ ЖАТТОО** Эстен чыккыс кылып, аябай көңүлгө түйүү. *Доскага балдар жазышканда, мен тамгаларды көңүлгө түйүп, көмөкөйгө жаттап алгам* («Ала-Тоо»). *Айткандарды конок жигит унутуп калбайын деп, оозун кыбыратып, көмөкөйүнө жаттап жатты* (Баялинов).

**КӨМӨКТӨШ I** Жардамдаш, бири-бирине көмөк беришкен, көмөктөшкөн. *Орозованын окууга жөнөшүнө көмөктөш экеним чын* (Бейшеналиев).

**КӨМӨКТӨШ II** Бири-бирине жардамдашуу, көмөк берүү, кол кабыш кылуу. *Ырыс, таалай эмгекте, көмөктөшүп иштөөдө экенин колхозчулар билишкен* (Баялинов).

**КӨМӨКТӨШҮҮ көмөктөш II** этишинин кыймыл атоочу. *Ажар менен Сейил апасынын ишине көмөктөшүүнү туура көрүштү* («Ала-Тоо»).

**КӨМӨКЧҮ** 1. Көмөк берүүчү, жардамдашып, кол кабыш кылып туруучу. *Окуучулар эгин жыйноо ишине көмөкчү болушту.* 2. Негизги эмес, жардамчы. *Азыр көмөкчү жумушчу катарында иштеп жүрөм* («Чалкан»). *Биз көмөкчү чарбабызга түрдүү өсүмдүктөрдү эктик* («Ала-Тоо»).

**КӨМӨЛДҮРҮК** Ээрдин артка кетип калбас үчүн ээрге бекитилген аттын омуроосуна тартылуучу кайыштан жасалган ат жабдыгы. *Көмөлдүрүк, ат жабдык Омуроодо шарактап* («Эл адабияты»). *Куюшканды кыскартып, Көмөлдүрүктү узартып. Өйдө карай көтөрүлгөндө, ээр аттардын соорусун карай жылып, көмөлдүрүккө күч келет* (Убукеев). *Көмөлдүрүк тагынган, Күмүштөн жабдык салынган* («Курманбек»).

**КӨМӨЛӨН** Бет алдынан кетип жыгылуу, үстөмөнүнөн түшүү, көмкөрөсүнөн жатып калуу. *Ат октос берип, Ажар бети менен көмөлөнүп кетти* (Жантөшев). *Араң олтурган Казак төшөккө көмөлөндү* (Сыдыкбеков).

**КӨМӨЛӨНТ көмөлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨМӨЛӨНҮҮ** **көмөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨМӨР** **көмкөр** менен бирдей.

**КӨМӨРҮЛ** **көмкөрүл** менен бирдей.

**КӨМӨСКӨ** *туурасы:* **көмүскө.**

**КӨМӨЧ** Отко көөмп же көмөч казанга бышырылган нан. *Чоко үкөктү акырын ачып, үч көмөч менен кичинекей баштыктагы куруттү алды* (Каимов). *Бирден-экиден көмөч нандарды тасмалга орошуп, энелер келишти* (Сыдыкбеков).

**КӨМӨЧ КАЗАН** 1. Ортосуна камыр салып, нан бышыра, турган эки беттүү идиш. 2. Ушундай идишке бышырылган нан.

**КӨМӨЧТАН** **көмөч казан** менен бирдей.

**КӨМӨЧҮНӨ КҮЛ ТАРТУУ** *к.* **өз көмөчүнө күл тартуу.**

**КӨМҮК** Көмүскө, жашыруун. *Көмүктөгү калың кенди көрүп табар инженер* (Бөкөнбаев). *Көрүнсө атып салбасын, Көмүктө жаткан душман бар* («Эр Табылды»).

**КӨМҮЛ** **көм** этишинин туюк мамилеси.

**КӨМҮР I** 1. Күйгөн жыгачтын өчүрүлгөн чогу. *Көмүрүнө чыдабай Көп токойлор кыйылган* («Манас»). 2. Өсүмдүктөрдүн калдыктарынан пайда болгон, жерден казылып алынып, отунга жумшала турган кара түстөгү катуу отун. *Талыкпай жер түбүнөн көмүр казган Шахтердун даңкы алыска кеткен экен* (Шамшиев). 3. Сүрөт технологиясында – белгилүү бир сорттогу жыгачты күйгүзүү менен же атайын көмүр массасынан формага келтирилген жука таякча түрүндөгү сүрөт тартуучу материал. *Көмүр менен тартылган сүрөт техникасы да көмүр деп аталат.* 4. *аңч.* Мылтыктын дарысын ийлөөдө кошулуучу көмүр.

**КӨМҮР ӨНДҮРҮШ** Сүрөтчүлөрдүн модели жана долбоорлору боюнча жасалган жасалга-турмуштук көркөм буюмдарды массалык түрдө өндүрүп чыгаруу. *Көркөм өнөр тармагына текстиль өндүрүшү, килем токуу, көркөм дубал кагаздары кирет.*

**КӨМҮРДӨЙ** Көмүр сыяктуу кара, капкара. *Эки өрүлгөн көмүрдөй чачын төгүлтүп Жийдегүл туруптур* (Сасыкбаев).

**КӨМҮРКӨЙ** Аспап, майда-чүйдө буюм-теримдер салына турган сандыкча. *Кычан темир Көмүркөйдү ачты* (Бейшеналиев). *Көңүлү менен болтуруп, Көмүркөйдүн баарысын, Көп алтынга толтуруп* («Семетей»).

**КӨМҮРТЕК** Бардык органикалык заттардын өтө зарыл курамдык бөлүгү болуп эсептелген химиялык элемент.

**КӨМҮРЧҮ** 1. Көмүр өчүрүп, даярдоочу. *Кара ала болгон көмүрчү, Карсылдаткан темирчи* (Токтогул). 2. *сүйл.* Көмүр кенинде иштеген жумушчу, шахтер.

**КӨМҮСКӨ** Көрүнбөгөн, далдаа жерде турган, жашыруун. *Егордун үйү шаардын чет жагындагы, көмүскө жерде эле* (Бектенов). *Кыштак ушул ойдуңга, көмүскө жерге орношкон* (Таштемиров). *Ошол билик көмүскөдө тутанып, Жалын секин алоо тартып, күч алып* (Сахгами).

**КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА** *экон.* Эсепке алынбаган, катталбаган, ошондой эле товарды өндүрүп чыгаруу жана тейлөө боюнча иш-аракеттердин мыйзамга каршы келүүчү түрлөрү.

**КӨМҮСКӨЙ** *туурасы:* **көмүскө.** *Тулпар болуп жетилген, Бирөөнүн көзү тиер деп, Көмүскөй жерге бактырган* («Сейтек»).

**КӨМҮСКӨЛӨ** Жашыруу, көрсөтпөө, билдирбей коюу.

**КӨМҮСКӨЛӨТ** **көмүскөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨМҮТКӨ** *туурасы* **көмүскө.** *Көздөгөн душман көмүткө жерден табылат* (Токомбаев).

**КӨМҮҮ** **көм** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨМҮШ** **көм** этишинин кош мамилеси.

**КӨН I** Бодо малдын терисинен жасалып, ийи жакшы жетилбеген сапатсыз булгаары. *Көн өтүк. Медет бийге катар отурган темчиме ак топучан, бозомук пиясы кемселине кемер курчанган көн маасычан, малдаш уруна отурган, жайкалган кара сакалын, мурутун билинер билинбес ак аралаган кызыл чырай, кырдач мурун, кабагы жазы сурмасыз кой көзү акылдуу тиктеген сымбаттуу киши* (Токтоналиев). *Оңду солду чоң сака, Көң кисеге салганда* («Эл адабияты»).

**КӨН II** 1. Макул болуу, туура көрүү, моюн сунуу. *Көпчүлүктүн айтканына көндүк, ишке чыктык* (Айтматов). *Ээн баштыктын белгиси – Ээленет ыкка көнбөстөн* (Осмонкул). 2. Үйрөнүү, көндүм болуу, адат алуу. *Кучуң барда иштеп көн, Кулуп, жайнап, эр жигит* (Токтогул). *Мени өзүм көнгөн эле жумушка койгонуңар орундуу* (Байтемиров). *Кымызга көнүп калган Салык узак жолдо талыкшып абдан суусаган* (Каимов).

**КӨНДҮМ** Үйрөнгөн, адатка айланган, өнөкөт болгон көрүнүш, көнүмүш. *Апам жокто менин көндүм болгон милдетим суу алып келип, от жагуу эле* («Мугалимдер газетасы»). *Кулакка көндүм болуп калган коңгуроо кагылып, кечки тамакка чакырды* (Ашубаев).

**КӨНДҮМҮШ** *туурасы:* **көндүм, көнүмүш.**

**КӨНДҮР** **көн II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨНӨК** 1. Саан сааганда, суу ташыганда колдонуу үчүн төөнүн терисинен ыштап жасалган идиш. *Үч ийдирип сааганда, Көнөк толгон сүт алдың* (Тоголок Молдо). *Көдөөдөн жулуп чөп берип, Көнөк менен суу берип* («Манас»). *Көнөк менен суу берип* («Семетей» С.К.). *Көнөктөй болгон көк алма көтөрүп, көтөрүп таштап ээрди эле* («Эл адабияты»). *Көк бараң мылтык асынган, Көнөктөй ташка жашынган* («Эл адабияты»). 2. *өт.* Көөп, чоңоюп кеткен шишик.

*Бетинен ысык жаш төгүлүп, Алимандын көздөрү көнөк* (Айтматов).

**КӨНӨК БАШ** Баканын өсүп жетиле элек баласы. *Кыз оң колуна таш алып, чалчык суудагы көнөк баштарды, уруп ойноп отурат* (Жантөшев).

**КӨНӨКТӨ** 1. Көнөк менен ташуу, көнөккө куюп алып туруу, көнөк менен ченөө. *Көнөктөп суу ташуу. Көнөктөп ченеп чыгуу. Көнөктөп куюу.* 2. Абдан катуу жаап туруу, төгүү, куюу. *Асман бүркөлүп, көнөктөп жамгыр куя жаап келди* (Сасыкбаев). *Көнөктөгөн жамгыр кабинамдын айнегине чаба жаап, алдымды жакшы көрсөтпөдү* («Ала-Тоо»).

**КӨНӨКТӨЙ** 1. Чондугу, түзүлүшү көнөк сыяктуу. *Көнөктөй болгон чөөгүндүн бөйрөгү баланын шыйрагын койгулайт* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Чоң, зор, көлөмдүү. *Көкөтөйдүн көнөктөй болгон чоң жамбы, Манаска тартуу бергени* («Манас»). ‖ Көөп, шишип кеткен, шишиген. *Башы көнөктөй болуп, шишиги жана элек.*

**КӨНӨӨ** *эск. Той жөнүндө көнөө караштарга.*

**КӨНӨЧӨК СЫМАЛДАР** Тикен курсактуу балыктар түркүмүндөгү жандык. *Көнөчөк сымал балыктардын узундугу 50см, ачык түстүү, тропик деңиздеринде жээкке жакын, анча терең эмес жеринде жашайт.*

**КӨНӨЧӨК** Төөнүн терисинен ышталып жасалган, көнөктөн кичирээк келген идиш. *Желени көздөй көнөчөктөрүн көтөрүп, үчтөрт аял басышты* (Абдукаримов). *Суу бойлоп көңүл ачып, ойноп күлүп, Тересиң көнөчөккө карагатты* (Шүкүрбеков).

**КӨНҮГҮҮ I** Көнүгүш, машыгыш, үйрөнүш үчүн иштеле турган түрдүү иштер, кыймыл-аракет ж.б. *Бат эле окуп, кыргыз тилинен берилген көнүгүүнү иштөөгө кириштим. Эс алуу үчүн бир нече дене тарбия кө-нүгүүлөрүн жасоо керек* («Ден соолук»).

**КӨНҮГҮҮ II көнүк II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨНҮК I** Көнүмүш, көнгөн, үйрөнгөн адат, өнөкөт. *Чийнеге салар күлүк жок, Мурунтан мындай көнүк жок* (Тоголок Молдо). *Оокаттын жайын билбеген, Орунсуз көнгөн көнүк бар* (Тоголок Молдо).

**КӨНҮК II** Көнүү, үйрөнүү, адаттануу, такшалуу. *Укурук салбас азоолор, Жүгөндөп минсек көнүгөт* (Токтогул). *Шаар турмушуна жаңы көнүккөн кез* («Чалкан»).

**КӨНҮМ көнүк** менен бирдей.

**КӨНҮМҮШ** Көнгөн, үйрөнгөн адат, өнөкөт. *Данияр үчүн бул көнүмүш иш* (Айтматов). *Ыскак окуудагы көнүмүш жалкоолугун иште да карматты* (Таштемиров).

**КӨНҮҮ көн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨНЧӨК I** Кулак калканынын астыңкы жумшак бөлүгү (сөйкө тагыла турган жери). *Эки кулагынын көнчөгүнө илинген иймектери кыймылдап турат* (Жантөшев). 2. Уйдун төш жагындагы салбыраган териси. *Көнчөгү төмөн салбырап, Гудоктой үнү заңгырап, Асыл тукум букалар* (Осмонов).

**КӨНЧӨК II** Аялдар бүчүлүгүнө таккан тегерек металл.

**КӨНЧҮ** Көн тери жасоочу, көн тери иштеп чыгаруучу.

**КӨҢ** Малдын тапталган (көбүнчө отун катарында даярдалган) кыгы. *Мештин оозундагы көңдүн чогунун үстүндө жез чайнек турат* (Осмоналиев). *Коломтодо койдун көңү алоолонот* («Ала-Тоо»).

**КӨҢГӨӨЛ** 1. *диал.* Чийки териден катырылып жасалган көнөчөк сыяктуу идиш. 2. Көңдөй. *Бул жер астындагы сарай метронун көңгөөлүнө окшоп кетет* (Токомбаев). *Шамал катуу уюлгуп жер көңгөөлүн үйлөгөндөй күүлдөтөт.*

**КӨҢДӨЙ** 1. Бир нерсенин ичиндеги, астындагы боштук. *Коёндор карга көмүлгөн бадалдардын көңдөйүндө эркинче оттошот* (Каимов). 2. *өт.* Акылсыз, эссиз. *Көңдөй жигит.*

**КӨҢДӨЙ ЧЕЛЕК** Акыл-эси кемирээк, кеңкелес, аркы-беркини байкабаган эси жок кишилерге карата айтылат.

**КӨҢДӨЙЛӨ** Бир нерсени оюп, үңүп, көңдөй кылуу. *Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов).

**КӨҢДӨЙЛӨН көңдөйлө** этишинин өздүк мамилеси. *Тамдын түбү көңдөйлөнүп отуруп, оңурайган чуңкур болоюн деп калган* («Ала-Тоо»).

**КӨҢДӨЙЛӨӨ көңдөйлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨҢДӨЙЧӨ** Кичирээк көңдөй. *Адамдын бет сөөгүнүн ичинде көңдөйчөлөр болот* («Ден соолук»).

**КӨҢКАНА** Көң сакталуучу, жыйылуучу жай, орун. *Сагызган көңкананын үстүнө коно калып шакылыктады* (Байтемиров).

**КӨҢКӨ I** Жеңил автомашина, автобус. *Түш оой мектептен чыгып, туура көчө менен үй жакка бурула бергенимде, эшиктин алдында турган кара көңкө көрүнду көзүмө* (Даникеев). *Ал анткени көңкө минип шаттанган. Сенин көңкөң менин атымдан да күлүк белем* (Сыдыкбеков).

**КӨҢКӨ II** Калың, чытырман. *Көмүрүнө чыдабай, Көңкө токой кыйылды* («Эл адабияты»).

**КӨҢКҮ** Жалпы, текши, бардык, көп. *Көңкү кыргыз эл экен* («Манас» С.О.). *Көңкү улуктар жыйылып* («Манас» С.О.). *Көңкү кыргыз элимди, Көрө албайм го деп жүрдүм* (Токтогул). *Көңкү черүү аттанып, Көлдү көздөй барышты* («Манас»).

**КӨҢӨ** *анч.* Бүркүттүн таноосу.

**КӨҢСҮ** Көңдүн жытындай борсуган жыт чыгуу, көң жыттануу. *Ачыган шактын, көң-*

*сүгөн топтун жыты каңырсып, түз эле каңылжаарга урат* (Касымбеков).

**КӨҢТӨР** 1. Идишти же ичи көндөй нерсени ичиндегиси, менен кошо төңкөрүү, оозун ылдый каратып оодарып жиберүү. *Кычан чакадагы сууну көңтөрүп, такырга куюп жиберди* (Бейшеналиев). *Умсунай мүдүрүлүп жыгылып, терген карагатын көңтөрүп алды* («Ала-Тоо»). 2. Бүт бойдон, эч нерсе койбой, такыр (мис., ичүү). *Көөкөрдө калган аракты Көңтөрө ичип салышып* («Эр Табылды»).

**КӨҢТӨРӨ** Жабыла, бүт бардыгы, түп көтөрө. *Көрдүңөрбү, кырк баатыр, Көңтөрө калмак келишин* («Эр Табылды»).

**КӨҢТӨРТ көңтөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨҢТӨРҮЛ көңтөр** этишинин туюк мамилеси.

**КӨҢТӨРҮҮ көңтөр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨҢТӨРҮШ төңкөрүш** менен бирдей. *Бул ишке минтип жол ачкан, Улуу Октябрь көңтөрүш* (Бөкөнбаев). *Көңтөрүш өөрчүп Эмчекчи телчип, Кыр көрсөттү байларга* (Бөкөнбаев). *Мамлекеттик көңтөрүш.*

**КӨҢҮЛ** 1. Адамдын ой-сезими, маанайы. *Ар кандай оорунун эң мыкты дарыларынын бири көңүл эмеспи* (Абдукаримов). *Күлкүлөр карыянын көңүлүн көтөрүп койду* (Убукеев). *Көңүлдө кайгы топтолуп, Жалгыздык башка түшкөндөн* (Казыбек). 2. Көөн, назар, ой-пикир, санаа. *Көңүлүмдөн кетпедиң, Көчмөндүү кыргыз көп журтум* (Токтогул). *Көңүлдөр көшөгө тартып ак, Көлчөдө Ай жатты жалтырак* (Кулумбаев). *Мамбеткул Ашымдын сөзүн көңүл коюп укту* (Каимов). *Колуңдан, келбес бир ишке, Кор болуп көңүл дегдетпе* (Токтогул). 3. Бирөөгө карата айтылган, билдирилген ниет, тилек, пейил. *Далай киши келип, жакшы саналуу көңүлдөрүн айтышты* (Байтемиров). *Качан көңүлүңүз келгенде гана иштеңиз* (Тоголок Молдо). *Кара көңүл адамдан, бөлө жүр дайым чегиңди* (Жантөшев).

**КӨҢҮЛ АЙНУУ** Жүрөгү айланып, кускусу келүү. *Гүлайымдын көңүлү айнып кусат, көзү караңгылайт* (Абдукаримов).

**КӨҢҮЛ АЙТУУ** Аза күткөн, өтө капалуу, кайгылуу адамдын кайгысын бөлүшүү, көңүлүн жубатуу. *Кадырбекти коюп келгендин эртеси келини экөө ал үч кабат үйдө жашоочулардан биринчи болуп кайрадан көңүл айтканы киришти* (Медетов). *Боору ачыгандар убап-чубап келип көңүл айтып жатышты* (Ашымбаев). **В.: Кайрат айтуу.** *Сөөгү сыздай түшкөн Сарала кайрат айтты: – Эстүү элең Батишжан. Эсиң менен жүр, акылдан шашпа!* (Сыдыкбеков).

**КӨҢҮЛ КАЙТТЫ БОЛУУ** Бир нерсеге болгон кызыгуусу, каалоосу жоголуп, иренжип калуу, шаабайы суу. *Ошентип, иштин ыдырын бузуп, иштегендерди көңүл кайтты кылып жатышат* («Чалкан»). **В.: Көңүлү кайт болуу.** *Ал шаабайы суруп, бул иштен көңүлү кайт болду.*

**КӨҢҮЛ КАЙТТЫ КЫЛУУ** Бир нерсеге болгон кызыгуусун, ынтызарлыгын кетирүү, иренжитип коюу. *Ошентип, иштин ыдырын бузуп, иштегендерди көңүл кайтты кылып жатышат* («Чалкан»).

**КӨҢҮЛ КАЛТЫРУУ** Капа кылуу, иренжитүү, таарынтуу. *Кычан курбуларынын көңүлүн калтыра албады* (Бейшеналиев). *Алардын көңүлүн калтырбай жылуу-жумшак багуучу уул, келин сен экөөбүз* (Сыдыкбеков). **В.: Көңүл калуу.** *Канчалык көңүл калып таарынган менен Батийна Качыкени дале жаман көрчү эмес* (Сыдыкбеков).

**КӨҢҮЛ-КЕЙП** *филос.* Адамдын айлана чөйрөсүндөгү болмушту туюнуусунун туташкан формасы, аны жеке туюлардын абалы, санаалары, көңүл-кейпинин куунашы.

**КӨҢҮЛ КИРИ** Ичтеги нааразылык, таарыныч. *Көңүл кири айтса кетет, Көйнөк кири жууса кетет. Иш бүткүл кайгыны жеңет, көңүлдүн кирин кетирет* (Байтемиров).

**КӨҢҮЛ КОШ** *к.* **кош көңүл.** *Акмат бул сөздү көңүл кош, кайдыгер сүйлөдү* (Байтемиров).

**КӨҢҮЛ ООРУТУУ** Капа кылуу, таарынтуу, көңүлүн калтыруу. *Карынын да, жаштын да көңүлүн оорутпаган, жибектей чоюлган, бала мүнөздүү, кичи пейил адам экен* (Баялинов). *Кабарыңыз бар, Чаткалдан чыккан чатакты жөндөп келсем, эси жоктор ишти айран кылып таштап көңүлүмдү оорутту, эл көзүнө сындырды* (Касымбеков).

**КӨҢҮЛ ӨСҮҮ** Көңүлү көтөрүлүп, жайдары боло баштоо, эргүү. *Миргүлдүн жаңы жумушка орношкону көңүлү өстү.*

**КӨҢҮЛ САЛУУ** Каалоо, жактыруу, көңүлү түшүү. *Сиздин ушул буюмуңузга көңүл салып келдим эле. Көңүл салган буюмуң болсо айт, берейин.*

**КӨҢҮЛ СУРОО** Оорулуу адамдын ал-абалын атайлап барып сурап-билип коюу. *Оорунун көңүлүн сурасаң айыкканга теңе дешет эмеспи, барып көрүп койгонуң оң* («Ала-Тоо»). *Кечинде көңүл сурабайт, эртең баралы.*

**КӨҢҮЛ УЛОО** Көңүл жубатуу, тынчытуу, көңүл жубатып колдоо. *«Мүмкүн бул утурумдук алдамчы сезимдир» деп баарын жакшылыкка жоруп, көңүл улады келин* (Кушубеков). *Бай аке, көңүлүңдү улап сүйлөйүнбү, же ачуу да болсо эл арасынан көрүп келген чындыкты айтайынбы* (Укаев). **В.: Көөнүн улоо.** *Болуптур, – деп көөнүн улап койду.*

**КӨҢҮЛ ЧӨГӨРҮҮ** Кайгы-капага батуу, көңүлү чөгөт болуу, басынуу. *Маңдайыңды пас кылып, Жокчулукка көңүлүңдү чөгөрбө* (Каралаев).

**КӨҢҮЛ ЧӨГҮҮ же КӨҢҮЛҮ ЧӨГҮҮ** Капалануу, кайгыруу, жабыр тартуу, жүдөө, басынуу.

**КӨҢҮЛ ЧӨКТҮ БОЛУУ** *к.* **көңүлү чөгүү.**

**КӨҢҮЛГӨ АЛУУ** 1. Бирөө жөнүндө ойлонуу, эске алуу, кам көрүү. *Көрүнбөйт кайда кеткен деп, көңүлгө Бакай алыптыр* («Манас»). 2. Таарынуу, иренжип калуу. *Ал ошондой катуу сүйлөйт, көңүлүңүзгө албаңыз* («Чалкан»).

**КӨҢҮЛГӨ КӨК ТАШТАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨҢҮЛГӨ МАЙДАЙ ЖАГУУ** *к.* **майдай жагуу.**

**КӨҢҮЛГӨ ТОЛУУ** Бардык жагынан толук жагуу, бардыгы көңүлгө төп келип туруу. *А балким, мен ал ойлогондой болбой, көңүлгө толбой калгандырмын* (Убукеев). **В.: Купулга толуу.** *Эсен купулга толгон күү болсо, черте коюп жүрөт* (Сыдыкбеков).

**КӨҢҮЛГӨ ТӨТӨ** Ыраазы болгондук, демөөр кылгандык, кубаттангандык, ишенгендик. *Биздин балдардын аралашканы бар тура, – дешип, кеп салып койгону эле көңүлгө төтө эмеспи* (Ашымбаев).

**КӨҢҮЛГӨ ТҮЙҮҮ** Эстен чыгарбоо, эсте сактоо, эч унутпоо. *Эми сен биздин айткандарды көңүлгө түйө бергин* (Сыдыкбеков). *Кирип-чыгып тигилердин айткандарын көңүлгө түйүп, байкалбай жүрө берди* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Көкүрөккө түйүү.** *Атасынын акыры коштошуусун, анын жүзүн, элесин Чокон көкүрөккө түйгөн. Ошол акыркы коштошуусун эстеп, Чокон азыр да төшөгүндө ыйлап жатты* (Абдыраманов).

**КӨҢҮЛДӨГҮДӨЙ** Көңүлгө жага тургандай, ойдогудай, адам каалагандай, талаптагыдай. *Салыктын кыраакы көздөрү үйдүн ичи көңүлдөгүдөй эместигин дароо байкады* (Каимов).

**КӨҢҮЛДӨН** Көңүлүн салуу, ниеттенүү. *Сабира көңүлдөнүп иштей баштады* (Сасыкбаев). ‖ Макул экендигин, каршы эместигин билгизүү, макул табуу. *Мен мурда бир-эки жолу айтып көрсөм, көңүлдөнгөнсүп калды эле* («Ала-Тоо»).

**КӨҢҮЛДӨНТ** **көңүлдөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨҢҮЛДӨНҮҮ** **көңүлдөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨҢҮЛДӨШ** Көңүлү жакын, санаалаш, ниеттеш. *Көрөмбү деп жүрчү элем Көңүлдөш сендей теңимди* (Токтогул). *«– Көңүлдөш!» – деп чыгарышат экөөсүн, аны бул да, бийкечи да билбеген* (Сахгами).

**КӨҢҮЛДҮН БОРБОРУНДА** Эсте, унутулбайт, дайыма эске тута турган, көзөмөлгө алына турган иш ж.б. деген мааниде. *Республиканын малчылары министрликтин көңүлүнүн борборунда жана дайыма жардамдарды алып турат, – деп айткан* («Кыргыз Туусу»). *Басма сөздөрдүн көңүлүнүн борборунда турат.*

**КӨҢҮЛДҮҮ** Кубанычтуу, сүйүнүчтүү, көңүлү көтөрүңкү, куунак, шат. *Арзыкул көңүлдүү болуп, капасы жок жайдарым турган* (Байтемиров). *Үйдөн көңүлдүү кобурашкан үндөр, шаттуу күлкүлөр угулду* (Каимов).

**КӨҢҮЛСҮЗ** 1. Көңүлү жок, көңүлү келбеген, көңүлдөнбөгөн, кызыкпаган түрдө. *Көсөл көңүлсүз жооп кайтарды* (Каимов). 2. Көңүлү ачылбаган, түнт, капалуу. *Ансыз мен да, менсиз ал да көңүлсүз* (Токомбаев). 3. Кызык эмес, кызыгы жок, жагымсыз. *Үй ичи күүгүмдөнүп күңүрт, ары көңүлсүз* («Ала-Тоо»).

**КӨҢҮЛСҮЗДҮК** Көңүл келбеген, кабак ачылбаган, адам кызыгарлык болбогон абал, шарт. *Анын көңүлсүздүгүнө көзүм жетти дечи* («Чалкан»). *Кандайдыр көңүлсүздүк үй ичине өкүм сүрө баштады* (Жантөшев).

**КӨҢҮЛСҮН** Көңүлдөнүү, көңүлүн салуу, көңүл коюу.

**КӨҢҮЛСҮНҮҮ** **көңүлсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨҢҮЛСҮРӨ** Көңүлү келүү, каалоо.

**КӨҢҮЛҮ АГАРУУ** Бирөөгө болгон наразылыгы, таарынчысы кетүү, жазылуу. *Бир кездеги үзөңгү кагышып бирге жүргөндөрү эсине түшүп, көңүлү агарып, бала сыяктуу каңырыгы түтөдү* (Касымбеков). *Сыйыңа карата – сый, сенин да көңүлүң агарып кеткени оң* (Медетов). **В.: Көөнү агаруу.** *– Кеп уулунда. Көөнү агарбай кетти. Каны кайнап кекти көөдөнүнө бек түйдү* (Бейшеналиев). **Көңүлү жумшаруу.** *Эң акыркы ээсинин ага өзгөчө болгон мээримине Абдырахмандын кирдеген көңүлү жумшарып кетти* (Касымбеков). **Көңүлү жибүү.** *Дамиранын көңүлү жибип, Ашырга ишеничи, урматы артылды.*

**КӨҢҮЛҮ АЙНУУ** Жүрөгү айланып, куса тургандай болуп, өзүн начар сезүү. *Көзү чымырап, көңүлү айнып барып токтоду* (Бердикеев). *Гүлайымдын көңүлү айнып кусат, көзү караңгылайт* (Абдукаримов). **В.: Көөнү айнуу.** *Көөнүм айнып, жаным жер тартып турат* («Чалкан»). *Денемди жер тартып бараткандай, көөнүм айныйт, боюмду жерден көтөрө албай жаттым* (Өмүрбаев).

**КӨҢҮЛҮ АЛЫП УЧУУ** *к.* **жүрөгү алып учуу.**

**КӨҢҮЛҮ АЧЫК** Кайгы-капасы жок, жайдары. *Анын айрыкча көңүлү ачык* (Бердикеев). *Нурак баягыдан бетер барпылдап, улуу-кичүүнүн баарына тамаша айтып, дегеле көңүлү ачык* (Өмүрбаев). **В.: Көңүлү көтөрүңкү.** *Карыя момундай жаркылдаган көңүлүңүздүн көтөрүңкүсү жагат мага* (Бейшеналиев).

**КӨҢҮЛҮ АЧЫЛУУ** Көңүлдүү, шаттуу, жадырап-жайнап, жаркылдаган абалда болуу. *Барпы үйүнө келгенде көңүлү ачылып, кумары жазылып, жыргап калуучу* (Байтемиров). *Курмакең да жарпы жазылып, көңүлү ачылып калды* (Сыдыкбеков).

**КӨҢҮЛҮ БӨЛҮНДҮ БОЛУУ** Бир нерседен санаасы тынбагандай, сары санаа болгондой, тынчы кеткендей абалда болуу. *Анын көңүлү бөлүндү болду, ушерден кайта бер деген сөз жүрөгүн өйүдү* (Касымбеков).

**КӨҢҮЛҮ БУЗУЛУУ** 1. Капа болуу, кайгыруу, көңүлү чөгүү. *Агасынын үйүнө келген жаш жигиттин эсине ар нерсе түшүп, агасын эстеп көңүлү бузулуп отурган эле* (Укаев). *Өткөн-кеткенди эстеп, көңүлүм бузулду* («Кыргызстан маданияты»). 2. Кандайдыр башка жаман ойго түшүү, азгырылуу, айнуу. *Батинанын көңүлү бузулуп жүргөнүн байкаган Кыдырбай аялына эскертти* (Сыдыкбеков). *Келиндин көңүлү бузулуп жүрөт өңдөнөт деген сөздү угуп, Календин каны качып, ачуусу келди* («Ала-Тоо»). **В.: Көөнү бузулуу.** *Көөнүм бузулуп барып токтодум. Баланын көөнү бузулуп жүргөнүн байкады.*

**КӨҢҮЛҮ ЖАКЫН** 1. Бири-бири менен жакындыгы, ынактыгы бар, жакшы санаалаш, өзүнчө мамилелеш. *Тууган ичинде да булар менен көңүлү жакын эле* («Кыргызстан маданияты»). 2. Көңүл ачуу, ойноп-күлүү жагынан бири-бири менен ысык мамилелеш, көңүлдөш. *Сүйгөн менен акын жигиттин көңүлү жакын экенин байкап калган Жалий жигитти өзүнө тартып, колго түшүрүү аракетинде болду* (Бейшеналиев). **В.: Көөнү жакын.** *Ал экөөнүн көөнү жакын өңдөнөт* («Ала-Тоо»).

**КӨҢҮЛҮ ЖАРЫМ** 1. Санаасы бир жерде эмес, көңүлү тынч эмес. *Баласы Чаргынды ойлоп санаага чөккөн апанын көңүлү жарым, сабыры суз* (Осмоналиев). 2. *өт.* Теңинен, жолдошунан ажырап калган, жесир, тул.

**КӨҢҮЛҮ ЖИБҮҮ** *к.* **көңүлү агаруу.**

**КӨҢҮЛҮ ЖУМШАРУУ** *к.* **көңүлү агаруу.**

**КӨҢҮЛҮ ЖЫЛУУ** *к.* **жүрөгү жылуу.**

**КӨҢҮЛҮ КАЙТ БОЛУУ** *к.* **көңүл кайтты болуу.**

**КӨҢҮЛҮ КАЛУУ** *к.* **көңүлү үч көчкөн журттай калуу.**

**КӨҢҮЛҮ КАРАҢГЫЛОО** Өзүн начар сезип, эс-учун жоготкон же өзүн кармай албай алсыраган абалга келүү. *Аптыгып, оозумурду менен суу жутуп алып, көңүлү караңгылай түштү* (Жигитов). *Токтогулдун көңүлү караңгылап, эс-учун билбей калды* (Токомбаев). **В.: Көөнү караңгылоо.** *Акындын көөнү караңгылап, башы айланды* (Бейшеналиев). **Көзү караңгылоо.**

**КӨҢҮЛҮ КАРК** Эч нерседен капарсыз, көңүлү жай, санаасы тынч, бир нерсеге ыраазы болгондой жайдары абалда. *Алардын аманчылыгын угуп, ата-эненин көңүлү карк* (Өмүрбаев). **В.: Көөнү карк.** *Касымбек бийлигин туптөнтүп, кулачын кеңейтип, мартабасын жогорулатканга көөнү карк* (Бейшеналиев).

**КӨҢҮЛҮ КӨТӨРҮЛҮҮ** Бир нерсеге сүйүнүү, кубануу, маңдайы жарылуу, жайдары болуу. *Муну Гүлгаакы өз ичинен жакшы жышаан деп кабыл алды да, эмнегедир эле көңүлү көтөрүлүп чыкты* (Медетов). – *Ии, жигит, зымырык куш таап келдиңби, көңүлүң көтөрүлө түшүптүр го* (Бердикеев). **В.: Көңүлү көккө көтөрүлүү.** *Каттагы сөздөргө эненин көңүлү көккө көтөрүлдү* («Ала-Тоо»).

**КӨҢҮЛҮ КӨТӨРҮҢКҮ** *к.* **көңүлү ачык.**

**КӨҢҮЛҮ ОО** Бир нерсени аткарууга, иштөөгө ниеттенүү, ошого ынтаасы бурулуу, көңүлдөнүү. *Машина алууга көңүлүм ооп жүрөт. Бүгүн силердикине барууга көңүлүм ооду.*

**КӨҢҮЛҮ ООРУУ** Таарынуу, капа болуу. *Жылуу сөз айтып бата кылып койбогонуна биртике көңүлү ооруй түшүп, анан кыжыры да келип кетти* (Касымбеков). *Абышканын түрүн карап отуруп, Искактын көңүлү ооруду* (Касымбеков).

**КӨҢҮЛҮ САЛКЫН ТАРТУУ** Эч нерсеге пейли чаппай, бир нерседен көңүлү калгандай, иренжүү пайда болуу. *Атай болуш болуп, өз атасы Огонбайдын наамына көчкөндөн бери Султанаалынын көңүлү ага салкын тарта баштады* (Каимов). *Бардыгы жаттай сезилип, ажырата түшүнбөй, дел болгон Бегаалынын көңүлү салкын тартып, ушул үйгө тиешеси жоктой көрүнө түштү* (Эсенканов).

**КӨҢҮЛҮ САНГА БӨЛҮНҮҮ** *к.* **санаасы санга бөлүнүү.**

**КӨҢҮЛҮ СУУ** Жакшы көргөн, үмүт кылган нерсесинен оң натыйжа чыкпасына көзү жетип, ичи муздоо, үмүтүн үзүп, иренжүү пайда болуу. *Кыздын көңүлү сууй түшкөнүн сезе сала Асылбек аркасынан жете жандай бастырды* (Абакиров). *Дарт айыгат дары эмес, кээде суудан, Жаман экен туугандан көңүл сууган.* **В.: Көңүлү муздоо.** *Ысыган көңүлүм муздабасын, Чагырбай?!* (Осмоналиев).

**КӨҢҮЛҮ СЫЗДОО** *к.* **жүрөгү сыздоо.**

**КӨҢҮЛҮ СЫНУУ** Капа болуу, шагы сынуу, иренжип калуу. *Биринчи күндөн эле Куласалдын көңүлү сынат* (Осмоналиев). *Сарыбайдын көңүлү сынды, сызылып каңырыгы түтөдү* (Касымбеков).

**КӨҢҮЛҮ ТАРТПОО** *к.* **көңүлү чаппоо.**

**КӨҢҮЛҮ ТЕТИК** Шайыр, кабагым-кашым дебеген, кайгы-капасы жок, шартылдаган. *Сен сыяктуу акылы жетик, көңүлү тетик медикти кордоп сүйлөгөнү деги акылга сыярлык нерсеби?* (Бердикеев). *Тишим кетик болсо да, көңүлүм тетик* (макал).

**КӨҢҮЛҮ ТОК** Эч нерседен капарсыз, бардыгы ойдогудай, муктаждыгы жок, жетиштүү, кемчил эмес. *Жаңы колуктулуу күйөө кымылдап, көңүлү ток* (Осмоналиев). *Ага атасына ишенгенсип жаш балача ишенип, көңүлү ток* (Абдукаимов). **В.: Көөнү ток.** *Көрүп койсом көөнүм ток дегендей, ушул жалгыз чүрпөнүн көзүн карап кубаттанып жүрбөйсүзбү* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨҢҮЛҮ ТОЮУ** Ыраазы болуу, канааттануу, алымсынуу. *«Силерди сагындым!» дейм. Көрүп көңүлүм тоёт, дарманыма дарман кошулат. Кайсы бир мерчемде элге айтарын айтып алган таризде кыйла көңүлү тоюп калган сыяктуу эле* (Касымбеков). **В.: Көөнү тоюу.** *Байымбет досунун өз чаркына жараша курган тиричилигине, топуктуу турпатына көөнү тойду* (Бейшеналиев). *Жакага түшүп дан өстүргөн дыйкандарды көрүп, көөнүңүз тойду* (Бейшеналиев).

**КӨҢҮЛҮ ТҮШҮҮ** *к.* **көзү түшүү.**

**КӨҢҮЛҮ ҮЧ КӨЧКӨН ЖУРТТАЙ КАЛУУ** Көңүл кайтты болуу, абдан наараазы болуу, аябай жек көрүү, жаман көрүү, иренжүү сезими пайда болуу. *Ысып барган делебем муздап, ойлогон оюм ордунан чыкпай, көңүлүм үч көчкөн журттай калып, үйгө кайтып келдим* (Бөлөкбаев). *Адамдан адамдын көңүлү үч көчкөн журттай калса, аны менен бирге жашоо кыйын го?* (Бектенов). **В.: Көңүлү калуу.** *Тууганы Төлөмүштөн да көңүлү калды* (Бердикеев). *Андан катуу сөз угуп көңүлү калды* (Бердикеев). **Көөнү калуу.** *Ал эмне дегениң? Көөнүң калдыбы, сөзүңө түшүнбөдүм! – деп Айжамал серпиле карап оңдонуп олтурду* (Убукеев).

**КӨҢҮЛҮ ЧАК** Көңүлү куунак, жайдары. *Бекей таежесинин көңүлү чак болгону сейрек, көбүнесе, жылдызы жерге түшүп, томсоруп жүргөнүн көрөсүң* (Айтматов). **В.: Көөнү чак.** *Байымбет тамыры ойлогонунан аша оргуштап тосконго көөнү чак, тигилерге да жайдаңдап учурашты* (Бейшеналиев). **Көңүлү шагдан.** *Шабдан түбөлүгү түз келишимге ийиген элеттик жек-жааттарына көңүлү шагдан каркылдады* (Бейшеналиев). **Көөнү шагдан.** *Кагылайын байкебайымдын жүзү жарык, көөнү шагдан* (Бейшеналиев).

**КӨҢҮЛҮ ЧАППОО** Каалабоо, көңүлсүнбөө, көңүлү келбөө, табити тартпоо. *Китептин бетин ачкан менен көңүлү чаппай алагдыланды* (Бейшеналиев). *Паризек аптап ургандай алсырап, тамакка да көңүлү чаппай корунган кейипте эле* (Ашымбаев). **В.: Көңүлү тартпоо.** *Ысык өткөндө айрым балдар чочуйт жана тамакка көңүлү тартпайт* («Кыргызстан аялдары»). **Көөнү чаппоо.** *Бирок эмнеси экенин билбейт, Ланичекке көөнү чаппайт* (Ашымбаев).

**КӨҢҮЛҮ ЧӨГҮҮ** Капалануу, кайгыруу, басынуу, тымызын кайгыруу. *Бөбөгү эсине түшүп, жаш көңүлү чөгүп, бир жанга тил катпай томсорду* (Укаев). *Баланын көңүлү чөгүп кетпесин деп колунан келгендин баарын жасайт* (Бердикеев). **В.: Көңүлү чөгөт болуу.** *Бул ишиңизди күйөөңүз укса, анын көңүлү чөгөт болуп, жоокерлердин ичинде ал сөзгө, уятка калбайбы* (Баялинов). *Көңүлү чөгөт болуп жүрөт, деги мындан качан арылат. Неге өңөрүн кысат* (Бейшеналиев). **Көөнү чөгүү.** *Көөнүм чөгүп турат.*

**КӨҢҮЛҮН АГАРТУУ** Ыраазы кылуу, көңүлүн жайлоо, жумшартып, жибитип коюу. *Кездешкенде эле ак тилек айтып, көңүлүн агартып салганына төбөсү көккө жетти* (Ашымбаев).

**КӨҢҮЛҮН АЛУУ** Талабын, мүдөөсүн аткаруу аркылуу бирөөнү ыраазы кылгыдай, көңүлүн көтөргүдөй иш кылуу. *Тигил коштошкону келген агайындар кезек менен улам бири чай берип, мырзанын көңүлүн алып, жолун кылып жатышты* (Сыдыкбеков). *Кошунамдын көңүлүн алайын деген аракетиң го, болбосо мынчалык убараланып, машина таап келе койбойт элең* («Чалкан»). **В.: Көөнүн алуу.** *Тигилердин көөнүн алып койсоң жакшы болот эле* («Чалкан»).

**КӨҢҮЛҮН КАЛТЫРУУ** Катуу таарынтып, көңүлүн оорутуу, иренжитип коюу. *Бир адамдын көңүлүн калтырып, катуу сөз айтпаган назик адам эле* (Бердикеев). *Жаны күйүп турганда алды-артын карабай оорулуу адамдын көңүлүн калтырып койгонуна өзү да бушайман* (Сыдыгалиев).

**КӨҢҮЛҮН КӨТӨРҮҮ** Кубантуу, сүйүндүрүп коюу, ыраазы болгудай жакшы мамиле жасоо. *Байкуш кемпирдин көңүлүн көтөрүп, тойчулугунан ооз тийип чыгалы* (Өмүрбаев). *Карыпчылык абал баштарына түшүп отурган элдин көңүлүн көтөргүсү келди окшойт* (Укаев). **В.: Көңүлүн куш кылуу.** *Көңүлүңдү куш кылган Чолпон-Ата кандай жер!* (Осмонкул).

**КӨҢҮЛҮН КЫЙБОО** Капа кылгысы келбөө, кадырын сыйлоо, көңүлүнө кароо. *Алардын көңүлүн кыйбай, кылчактап жатып кечигип калдым. Жеңемдин көңүлүн кыйбай, кал десе кала берип, ушуну көрдүм* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Көөнүн кыйбоо.** *Муну таштап кетүүгө көөнүн кыйбай турам* («Ала-Тоо»).

**КӨҢҮЛҮН ООРУТУУ** Капа кылуу, иренжитүү. *Сүйүнбайдын Бүбү жөнүндө айткан наалаты Осмонкулдун көңүлүн оорутуп, жакшына сезимин маскаралагандай болду* (Өгөбаев). *Аттиң, атамдай болгон кишиге тил тийгиздим, көңүлүн ооруттум* («Ленинчил жаш»). **В.: Көөнүн оорутуу.** *Адылбектин көңүлүнө дүрбөлөң түштү. Күлүмкандын көөнүн оорутуп, коогаңы өзү баштаганын дароо билди* (Өмүрбаев). *Баланын көөнүн оорутпа, – деди* («Ала-Тоо»). **Көңүлүн сындыруу.** *Ушул эки баланын көңүлүн сындырып силер да билмексен болуп туруп алсаңар ошондо курубайт беле, балдар* (Өгөбаев). *Кыздын көңүлүн сындырып албайын деп, этиеттей сурадым* (Казакбаев).

**КӨҢҮЛҮН ТАБУУ** Бирөөнүн оюндагысын, каалаганын аткаруу, билгендей мамиле жасоо. *Санаа чүнчүткөн Паризектин көңүлүн эч ким таба албады* (Ашымбаев). *Же балакеттин баары Өмүрзаковго жагынбаганымдан, анын көңүлүн таап көшөкөрлөн-*

*бөгөнүмдөн болуп жатабы?* **В.: Көөнүн табуу.** – *Байкагын, кыздын көөнүн табуу оңой иш эмес, бирок өзү да жакшы көрүп калды окшойт* (Осмоналиев).

**КӨҢҮЛҮН УЛОО** *к.* **көңүл улоо.**

**КӨҢҮЛҮН ЭКИ АНЖЫ КЫЛУУ** *к.* **эки анжы болуу.**

**КӨҢҮЛҮН ЭКИ АЧА КЫЛУУ** *к.* **эки анжы болуу.**

**КӨҢҮЛҮНДӨ КИРИ ЖОК** Ак көңүл эч бир жаман ою жок, арамдыгы жок. *Көңүлүндө кири жок жаш балача кубанып, ал башкарма мүчөлөрүн кыдырата карап алды* (Ашымбаев). **В.: Жүрөгүндө кири жок.** *Анын жүрөгүндө кенедей да кири жок.* **Көөнүндө кири жок.** *Көөнүмдө кирим жок эле.*

**КӨҢҮЛҮНӨ АЛУУ** *же* **ОЮНА АЛЫП КАЛУУ** Капа болуп калуу, таарынуу, кек сактап калуу.

**КӨҢҮЛҮНӨ ЗАК КЕТИРБӨӨ** Таарынтпай, капа кылбай жакшы мамиле жасоо, көңүлүн калтырбоо. *Дагы эле сылап-сыйпап, көңүлүнө зак кетирбей, көкүлүн түйүп, куйругун түйүп атказганың оң* (Бейшеналиев).

**КӨҢҮЛҮНӨ ИЛБӨӨ** *же* **назарына илбөө** Көңүлүн бурбоо, назарына албоо, маани бербөө. *Улуу деп сыйлап олтурсам, Уруулуу кыргыз көп элди, Көңүлүңө илбейсиң* («Эр Табылды»). *Атасы менен Бөкөйдүн, Айтып жаткан сөздөрүн, Назарына илген жок* («Саринжи-Бөкөй»).

**КӨҢҮЛҮНӨ КАРОО** Капа болбосун, оюна кетпесин, жаман алып калбасын дегендей мааниде көңүлүн оорутпай, таарынтпай тургандай этиет мамиле жасоо. *Булардын мамилесин бузбайын деди окшойт, эжесинин көңүлүнө карап чындыкты айта албай кайра кетти.* **В.: Көңүлүнө карабоо.** *Кызы эрке эмеспи, апасы абалына, көңүлүнө карабай жатканына таарынып, айласыз дагы шолоктоп ыйлады* (Касымбеков).

**КӨҢҮЛҮНӨ КӨК ТАЛКАНДАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨҢҮЛҮНӨ КӨК ЧАЙДАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨҢҮЛҮНӨ ТИЙҮҮ** *к.* **көкөйгө көк талкандай тийүү.**

**КӨҢҮЛЧӨӨК** Мүнөзү жумшак, бирөөнүн көңүлүн оорутпаган, анын айтканын, сураганын жок дей албаган, ак көңүл. *Атаң бирөөнүн көңүлүн карап, катуу айта албаган көңүлчөөк киши эле* («Ала-Тоо»). *Көңүлчөөк болом деп отуруп силерди эсиртип жибердим окшойт* («Чалкан»).

**КӨҢҮЛЧӨӨКТҮК** Бирөөнүн көңүлүн кыя албаган, көңүлүн калтырбаган, айтканын, сураганын жок, дей албаган жумшак мүнөздүүлүк, ак көңүлдүк. *Биздин кишилер көңүлчөөктүктү, кенебестикти таштоолору керек* (Сыдыкбеков).

**КӨӨ** Көмүрдөн, түтүндөн, оттун кыпындарынан пайда болгон ыш. *Руслан Жолдошбекович шахтадан чыга көө баскан каскасын сүртүп жаныма басып келди* («Ала-Тоо»).

**КӨӨ ЖАБУУ** *к.* **бетине көө жабуу.**

**КӨӨ СҮРТҮҮ** *к.* **бетине көө жабуу.**

**КӨӨДӨ I көөдөк** менен бирдей. *Баарысы көөдө жаш бала* («Саринжи-Бөкөй»).

**КӨӨДӨ II көөдөн** менен бирдей. *Жигиттин баары бирдей боло бербейт, Жоолугун көөдөсүнөн бууган менен* (Токтогул). *Талып калган Жакыптын, Көөдөсүнө бүрккөнү* («Манас»).

**КӨӨДӨ III кодөө** менен бирдей. *Атыма көөдө жулуп, дем алдырып, Таң ата муз давандан өткөн дурус* (Токомбаев). *Кара киек көөдөсү, Сарбашыл гүлдөр бедеси* («Эл адабияты»).

**КӨӨДӨК** Көтөрүлүп, мактанып кетме адаты бар, аркы-беркини билбеген мактанчаак, опурулма, ала көөдөн. *Көкдөөнүн Көкдөө экенин, Көөдөк күйөө билсин де* («Эр Төштүк»). *Баатыр Кыяз чоң көөдөк, Күңгүрөнүп, күүлөнүп, Өзүнчө бөлөк түрлөнүп* («Сейтек»).

**КӨӨДӨКТҮК** Көөдөк мүнөздүүлүк, ала көөдөндүк. *Жедигердин Эр Кыяз, Көөдөктүгү бар экен* («Сейтек»).

**КӨӨДӨН I** 1. Дененин көкүрөк, төш жакkы бөлүгү. *Көөдөнүн найза аралап, Көкүрөктү жаралап* («Курманбек»). *Касымбек ич күптүсү эми чыккандай, көөдөнүн кере дем алды* («Ала-Тоо»). – *Балам, ак сүтүмдү бердим, ысык күндөн, ышкырган бороондон көөдөнүм менен калкалап чоңойттум* (Касымбеков). *Муштумдай көөдөндөгү балбан жүрөк, Тулкуга азык чачып өкүм сүрөт* (Токомбаев). 2. *өт.* Көңүл, ой-пикир. *Калтырбай айтып берейин, Көөдөндөгү сырымды* (Каралаев). *Баатырсынып, эрсинип, Көөдөнүндө бу Кыяз, Кара кулак шерсинип* («Сейтек»). *Көөдөнүндө күүлөнүп, Күлчорого сүйлөнүп, Желигип турду Канчоро* («Сейтек»).

**КӨӨДӨН II** *аңч.* Кийиктин көөдөн эти.

**КӨӨДӨНСҮЗ** Акылсыз, аркы-беркини байкабаган алаңгазар.

**КӨӨДӨНҮ ЖОК** Өзүн көтөрө чалып, мен эле деп турган, көйрөң, мактанчаак. *Ал эми бай аялдар болсо, көөдөнү жок көпкөлөң, өтө эле обу жок болуп калыша турган* (Убукеев). *Көөдөнү жок жигит. Көөдөнү жок көпкөн кыз.*

**КӨӨДӨНҮН КӨТӨРҮҮ** Менменсинүү, бой көтөрүү, өзүн жогору саноо, мактануу. – *Темирчилик ишине мени эле коё бергиле,– деп Амандык карыя көөдөнүн көтөрдү* (Убукеев). *Сен эмне эле көөдөнүңдү көтөрүп калгансың, адамды тааныбай баратасыңбы дейм!* («Чалкан»). *Колун бөйрөгүнө ала коюп, көөдөнүн көтөрүп, сөзү дымактуу чыгып жатты* (Ашымбаев). *«Менден башка бу колхоздо ким бар!» деп көөдөнүңдү көтөрчү элең го, сен* («Чалкан»). *Кабинадан оолжуй тартып чыгып, кара көз айнекти түшүрбөй, көөдөнүн көтөрүп, ыңгырана басымыш болду.* **В.: Кө-**

**күрөгүн көтөрүү.** *Мени менен ойногуңар бар ээ? Жыламышев көкүрөгүн көтөрө сүйлөдү* («Чалкан»). **Көкүрөгүн өргө айдоо.** *Анда мунун көкүрөгүн өргө айдап, жер баспай турган кези эле.* **Көөдөнүн өргө чабуу.** *Көөдөнүн өргө чаап турган кези.*

**КӨӨКАР** *туурасы:* **каухар.** *Көөкар менен көздөгөн* («Манас» С.О.).

**КӨӨКӨР I** Жылкы, төө терисинен жасалган, суюктук куюп пайдаланууга ылайыкталган мойну ичке, түбү жазы идиш. «*Жерден мени көрбөй калды дегенсип учуп барат ко*» *– деп, көөкөрдөй болуп Карач кагырап калды* («Эл адабияты»). *Көөкөргө куйган аракты, Көңтөрө ичип салышып* («Эр Табылды»). *Көк шибери жайкалган, Көөкөрдө кымыз чайкалган* (Үмөталиев).

**КӨӨКӨР II** Асмандын түндүк жарым шарындагы топ жылдыз. Көөкөр *Кыргызстандын бардык жеринен жыл бою көрүнөт.*

**КӨӨКӨР ҮЙЛӨТҮҮ** Элдин эзелтен бери сынган кабырганы түз бүтүрүү үчүн иштеген табыптык ыкмасы. *Кабыргасы сынган болуу керек, көөкөр үйлөтүп, табыпсынгандар анын тегерегинде болду* (Убукеев).

**КӨӨКӨРДӨ көөкөрлө** менен бирдей.

**КӨӨКӨРЛӨ** 1. Көөкөргө куюу, көөкөр менен алуу, ташуу. *Адатынча көөкөрлөп, Аракты эч ким албасын* (Жантөшев). 2. Өтө көп, арбын агуу, чыгуу, төгүлүү. *Кан көөкөрлөп ага баштады* («Ала-Тоо»). *Кеби бузук ант ургур, Көөкөрлөп төктү канымды* («Сейтек»).

**КӨӨЛБҮ** Мемиреген тынчтыкка балкып жайкалуу, теңселүү, көйкөлүп туруу. *Теребел мемиреп, көөлбүп, жайнап турган маалда ата-эне Батийнаны атказышты* (Сыдыкбеков). *Куздуктөр тегиз баш алып кара көк тартып көөлбүйт* (Сыдыкбеков). *Бутактары көөлбүгөн бай карагай асман мелжип менменсинет* (Сыдыкбеков).

**КӨӨЛБҮТ көөлбү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨӨЛГҮ** 1. Мемиреген тынч, бейкут абалда болуу. *Көөлгүп жаткан тынчтык, шыбыр эткен табыш жок* 2. Бир жерге чөөлмөктөп туруу. *Сары суусу көөлгүгөн чылалуу короо* (Сыдыкбеков). 3. Кенен-чонон, кең-кесири болуу, жайкалуу (кийимге же ошондой кийимчен адамга карата айтылат). *Көөлгүгөн тон.*

**КӨӨЛГҮТ көөлгү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨӨЛӨ I** 1. Көө жугузуу. *Бети-башын көөлөп алып, карала болгон бойдон үйгө кирип келди* («Ала-Тоо»). 2. Көөсүн кетирүү, тазалоо. *Казан көөлө. Мештин морун көөлө.*

**КӨӨЛӨ II** Казуу, оюу, үңүү. *Жердин түбүн көөлөшүп, коркпой терең барышкан* (Үмөталиев). *Калың токой ичинде, Дүмүрдү көөлөп казамын* (Токтогул).

**КӨӨЛӨ III көйлө** менен бирдей. *Күмүш талкан көөлөп, Нуркасымга берди* (Баялинов).

**КӨӨЛӨН I көөлө I** этишинин өздүк мамилеси.

**КӨӨЛӨН II көөлө II** этишинин өздүк мамилеси.

**КӨӨЛӨӨ I көөлө I** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨӨЛӨӨ II көөлө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨӨЛӨТ I көөлө I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨӨЛӨТ II көөлө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨӨЛӨШ I көөлө I** этишинин кош мамилеси.

**КӨӨЛӨШ II көөлө II** этишинин кош мамилеси.

**КӨӨЛҮ** Тегирмендин суу менен айланып туруучу барасы.

**КӨӨЛҮҮ** Көөсү бар, көө жуккан, көөлөнгөн. *Муздак суу Ашырдын көөлүү бетине чачылды* (Сасыкбаев). *Жумушчулар көөлүү топуларын мата менен чулгап алышкан* (Сасыкбаев).

**КӨӨМӨЙ көмөкөй** менен бирдей. *Жайында жайлоо көрбөдүң, Көөмөйүң катып чөлдөдүң* (Бөкөнбаев).

**КӨӨМҮШ** Сүттүү уй. *Уйлары көөмүш сүткө бай, Койлору асыл жүнгө бай* (Барпы).

**КӨӨН** 1. Көңүл, пейил. *Көөнүндө кайгы болбогон, Бар кезинде колунда* (Казыбек). *Элинин көөнү ток болсо, Элирип ырчы кубанар* (Бөкөнбаев). *Өз жүзүңдү мен көрүп, Карыптык көөнүм ачаарым!* (Казыбек). 2. «Өз көңүлүн», «эмне кылам десең өз эркин, өз каалооң» деген мааниде колдонулат. *Айтылуу Талас жерибиз, Элиңе барсаң көөнүңүз* («Сейтек»). *Берсе-бербесе өз көөнү, ага эч кимдин доосу жок* («Ала-Тоо»).

**КӨӨНӨ** Эски, эскирип калган, көөнөргөн. *Көөнө кийим. Топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген кубакай жигит сүйлөп жаткан экен* («Ала-Тоо»). *Эски, көөнө дүйнөнү, Эстүү пенде ап кетет* («Эл адабияты»).

**КӨӨНӨР** Эскирүү, тозулуу. *Көөнөргөн күрөң костюмчан, иреңи азыңкы куба жигит вагондон жалгыз түштү* (Каимов).

**КӨӨНӨРТ көөнөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨӨНӨРҮҢКҮ** Көөнөрө баштаган, бир аз эскирген, көөнөргөн.

**КӨӨНӨРҮҮ көөнөр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨӨНҮ ЧАК** *же* **көңүлү чак** Көңүлү куунак, кубанычтуу. *Төрт жигиттин көздөгөнү колунда, көңүлдөрү чак* (Жантөшев).

**КӨӨНҮ АГАРУУ** *к.* **көңүлү агаруу.**

**КӨӨНҮ АЙНУУ** *к.* **көңүлү айнуу.**

**КӨӨНҮ ЖАКЫН** *к.* **көңүлү жакын.**

**КӨӨНҮ КАРАҢГЫЛОО** *к.* **көңүлү караңгылоо.**

**КӨӨНҮ КАРАЮУ** Бир нерсеге ачуусу ке-

лип кекенүү, кек сактап көңүлү бузулуу. *Көөнү карайып, жаак эттери түйүлүп араң турат* («Ала-Тоо»).

**КӨӨНҮ КАРК** *к.* **көңүлү карк.**

**КӨӨНҮ КОШ** Көңүлү көтөрүңкү, көңүлдүү, кубанычтуу. *Эр Табылды бул сөзгө, Эркелеп көөнү кош болду* («Эр Табылды»).

**КӨӨНҮ ТОЮУ** *к.* **көңүлү тоюу.**

**КӨӨНҮ ЧАК** *к.* **көңүлү чак.**

**КӨӨНҮ ЧАППОО** *к.* **көңүлү чаппоо.**

**КӨӨНҮ ЧӨГҮҮ** *к.* **көңүлү чөгүү.**

**КӨӨНҮН УЛОО** *к.* **көңүл улоо.**

**КӨӨНЧӨӨК көңүлчөөк** менен бирдей.

**КӨӨР** *сүйл.* Каухар.

**КӨӨРҮК көрүк** менен бирдей. *Электр көөрүк очоктогу таш көмүрдү бат эле тутандырып, чокко айландырды* (Сасыкбаев).

**КӨӨРҮКЧҮ көрүкчү** менен бирдей.

**КӨӨРЧӨГӨ көрчөгө** менен бирдей.

**КӨӨРЧӨГӨЛӨ көрчөгөлө** менен бирдей.

**КӨӨРЧӨГӨЛҮҮ** көрчөгөлүү менен бирдей.

**КӨӨРЧӨК** Эчкинин, койдун сүтүн кымыз же айран менен ачытып жасаган суусундук. *Жапек чаначындагы кымызга эки эчкинин сүтүн кошуп, көөрчөк кылып, Каныбекке берди* (Жантөшев). *Көөрчөккө үйрөнгөн койчулар айран ичмек беле* (Токомбаев).

**КӨӨСӨР I** Акыл-эси төмөн, алаңгазар, көөдөк, пас адамдарга карата айтылуучу сөз (үй баш, өгүз баш). *Көөсөрүң болсо калыңар, Көсөмүң болсоң барыңар* («Манас» С.О.). *Көтөрүлүп көп сүйлөп, Көөсөр жүргөн келең бар* (Тоголок Молдо). *Көйрөң чалыш кул экен, Көөсөр сымак уул экен* («Эр Табылды»). *Көрө албасаң, сен Көкчө, Көөсөрлүк сөздөн кайра кайт!* («Манас»).

**КӨӨСӨР II** Бейиштеги түгөнгүс, соолугус кудук. *Ажылыкка бардыңыз, Абзи көөсөр суусуна* (Калык).

**КӨӨСӨРЛҮК** Көөсөр мүнөздүүлүк, көөдөктүк, аңкоолук, алаңгазарлык.

**КӨӨХАР каухар** менен бирдей. *Көөхардан накыш коюлган* («Манас» С.О.).

**КӨП I** Сын атоочтун көпкөк сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**КӨП II** 1. Саны, көлөмү, салмагы ж.б. жагынан арбын, аз эмес, мол, басымдуулук кылгыдай абалда. *Көп баатырдан жоо кетет, көп чеченден доо кетет* (макал). *Көп машиналар шосседен өтө берип, катарлаш токтоп жатышты* (Сасыкбаев). *Жарыш сөзгө жазылгандар көп* (Убукеев). 2. Бир нерсенин теңинен ашыгы, көпчүлүк бөлүгү, арбын жагы. *Кетмен көтөргөнгө жараган эркек-аялдын көбү сугатка чектелишкен* (Сыдыкбеков). *Малдын көбү жайлоодо* («Ала-Тоо»). 3. Бир канча жыл же бир канча ай өткөн узак мезгил, бир топ убакыт. *Көп кечигип кетпестен, Өз элиңе барып кел* (Үсөнбаев). *Кармалып барып көп жаттым, Каалгалуу таш тамда* (Токтогул). *Динар салынган көз айнек – чоң эненин көптөн бери сактап келаткан буюму* (Сыдыкбеков). 4. Көпчүлүк эл, жалпы масса, көпчүлүк. *Бекерге кетпес түбүндө, Көпкө кылган кызматым* («Курманбек»). *Көпкө салып чечели деген ойго келдим* («Ала-Тоо»).

**КӨП III** 1. Нымдалганда, ачыганда, жел өткөндө ж.б. учурларда көтөрүлүп, кеңейип кетүү. *Ичи көптү. Камыр көптү. Жазга жакын көктөмдө, Жер чымырап көпкөндө* (Осмонкул). 2. *өт.* Бой көтөрүү, адамды көзүнө илбей, дардандап, көпкөлөң тартып кетүү, өзүн мыкты, кыйын саноо. *Жаман адам көпкөндө, Жакшыны көзгө илбеген* (Токтогул).

**КӨП БОЛСО** Ашып кетсе, эң эле кыйын болсо. *Кыздардын калыңы көп болсо бир үй* (Каимов).

**КӨП БУРЧТУК** Туюк сынык сызык менен чектелген тегиздиктин ички бөлүгү. Бурчтары көп геометриялык фигура. *Көп бурчтук томпок жана томпок эмес болуп айырмаланат.*

**КӨП БУТТУУЛАР** Кекиртеги менен дем алуучу курт-кумурскалардын бир түрү. *Көп бутту курттардын денеси бир нече муунакка (11ден 177ге жетет) бөлүнүп, алардын ар бир муунагында 1 же 2 жуп буту болот.*

**КӨП ЖЫЛДЫК МУЗ** Океандардын уюл кендиктеринде пайда болуп, эки жылдан ашык сакталып жаткан деңиз муздары. *Көп жылдык муз тузсуз, нык келип, үстү кудурлуу, кар жатпаган жерлери көгүш түстө, калыңдыгы 3 м дей.*

**КӨП ЖЫЛДЫК ӨСҮМДҮКТӨР** Эки жылдан ашык, кээде 100, 500, 1000 жыл жана андан да көп жашоочу (өсүүчү) өсүмдүктөр. *Көп жылдык өсүмдүктөр белгилүү жашка жеткенде ар жылы гүлдөп, мөмө бере алат. Көп жылдык өсүмдүктөргө бардык дарак өсүмдүктөрү, көпчүлүк чөптөр кирет.*

**КӨП ЖЫЛДЫК ТОҢ** Жер кыртышынын үстүңкү борпоң же жаракалуу чулу тоо тектеринин туруктуу терс температуранын таасири астында көп жылдар бою тоңуп туруусу. *Көп жылдык тоң Кыргызстандын бийик тоолуу аймактарында кеңири таралган.*

**КӨП ЧЕКИТ** Кандайдыр бир себеп менен алдында же арт жакта айтылбай калган ойдун ордуна, же сүйлөм тизмегинен атайын түшүрүлүп айтылган сөздүн, мүчөнүн, сүйлөмдүн ордуна коюлуучу тыныш белги (...)

**КӨПКӨЛӨҢ** Көөп кеткен, бой көтөргөн, адамды көзүнө илбеген, дардаңдаган. *Көпкөлөң жигит. Камчыны сылай таштаган көпкөлөң уландар* (Сыдыкбеков).

**КӨПКӨНДҮК көпкөнчүлүк** менен бирдей. *Көпкөндүккө жеңдирип, Көрүнгөнгө мактанба* (Токтогул).

**КӨПКӨНЧҮЛҮК** Көөп кетүүчүлүк, менменсингендик, бой көтөргөндүк.

**КӨПКӨӨЛ** Көпкөнсүп, шишигенсип кал-

ган, шишикке айлана баштаган. *Көкүрөгү көпкөөл тартып, шишийин деп калган экен* (Убукеев).

**КӨПКӨӨР көпкөөл** менен бирдей.

**КӨПКҮЛӨҢ көпкөлөң** менен бирдей. *Көпкүлөң душман ичпесин, Көгүлтүр суусун дайранын* (Бөкөнбаев).

**КӨПМӨ: боор көпмө** Эгин, ун-талкан сыяктуу майда нерсенин же коюу, кургак заттын идишке бир аз үймөлөнгөн, толороок кылып салынган абалы. *Фарфор табакка боор көпмө болуп палоо келди* (Касымбеков).

**КӨПӨК** *диал.* Көпшөк, борпоң (адамга карата).

**КӨПӨЛӨК** 1. Көлөмү, түсү жагынан ар түрдүү, кош канаты бар кичинекей жандык. *Калдыркан көпөлөк. Капуста көпөлөгү. Ак көпөлөк.* 2. *өт.* Баланы эркелетүүдө, жалынып жалбарууда колдонулат. *Балакетиңди алайын көпөлөгүм* (Сыдыкбеков).

**КӨПӨЛӨК БАЛЫК** Узундугу 15–35 *см* келген балыктын түрү. *Көпөлөк балыктар океандын тропик алкагында жашайт.*

**КӨПӨЛӨКЧҮ** *сүйл.* Илгерки орус зоолог, биологдорун кыргыздар ушундай аташкан. *Көпөлөкчү орус төрөлөрүндөй жайкысын жайлоодо* (Абакиров).

**КӨПӨС** 1. *сүйл.* Жеке менчик соода ишканасынын ээси. 2. *өт.* Бай, ач көз адам. *Көпөстөр сонун жерлерди бүт ээлеп, томаяктар жерсиз кала беришти* (Сасыкбаев).

**КӨПӨШ көпөс** менен бирдей.

**КӨПСҮН** Көп деп сезүү, көп көрүү. *Көпсүнбөйлүк буга деп, Көңүлү чөгүп калганы* («Манас»).

**КӨПСҮНТ көпсүн** менен бирдей. *Бирин бири көпсүнтүп, кыртышы сүйбөгөн сыяктуу* (Элебаев).

**КӨПСҮНҮҮ көпсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨПТӨ** Көп киши, көпчүлүк катышып, биргелешип аракет кылуу, жабылып иштөө. *Көзү жетти баатырдын, Көптөсө кармап аларды* («Манас»). *Көптөсөк кулатабыз аскар тоону* (Үмөталиев).

**КӨПТӨН** Көп мезгилден бери, далайдан, узак убакыттан бери. *Каныш эне уулунун Зарылды сүйүп жүргөнүн көптөн сезет* (Сыдыкбеков). *«Тил Киевге жеткирет» – Бул сөздү көптөн эл билет* (Үмөталиев).

**КӨПТӨӨ көптө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨПТӨТ көптө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨПТҮК I** Бир нерсенин көп, арбын экендиги, мол болушу. *Малдын көптүгү. Адамдын көптүгү. Дүнүйөнүн көптүгү.*

**КӨПТҮК II** Математиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири, бир бүтүн нерсе катары каралуучу кандайдыр бир түрдүү объектилердин жыйындысы. *Жаратылыштагы каалаган объектилер көптүк боло алат.*

**КӨПТҮР көп** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨПТҮРГҮ** *диал.* Камыр туруш (камыр ачыткы).

**КӨПТҮРМӨ САЙМА** Ийне сайманын бир түрү, мында жердикке түшүрүүчү учук жипти эң майда кылып сайып алат.

**КӨПТҮРҮЛГӨН ТАРУУ** Акталган таруууну сүткө көптүрүп, ага бал, каймак же май кошуп жей турган тамак.

**КӨПҮРӨ** Суудан, терең сайдан, андан ж.б. өтүү үчүн салынган же атайылап курулган өткөөл. *Күн чыга жаздаганда, машиналар чоң көпүрөнүн жанына жетип токтолду* (Сасыкбаев). *Миргүл көпүрөдөн өтүп, белеске чыкты.*

**КӨПЧҮК** Ээрдин үстүн гана жапкыдай кичине, чакан жана жука кылып жасалган көрпөчө. *Килем көпчүк. Аюу көпчүк. Алача көпчүк салыңар, Алтын быштан тагыңар* («Манас»).

**КӨПЧҮЛ** Көпчүлүк менен бирге болууну, элден чыкпоону каалаган, элди сүйгөн. *Эстүү – көпчүл, эселек – тууганчыл* (макал).

**КӨПЧҮЛҮК** 1. Бир нерсенин теңинен көбүрөөк, ашыгыраак бөлүгү, көп экендиги. *Татыбек үй жумушунун көпчүлүгүн өз мойнуна алды* (Байтемиров). *Тургандардын көпчүлүгү Татыбек жагында болду* (Байтемиров). 2. Эл-журт, калк, бир канча адамдардын тобу, жамааты. *Кейишке салып кетти деп, Көпчүлүк калды түңүлүп* (Жеңижок). *Шекер көпчүлүккө карады* (Убукеев). *Береке да, күч да көпчүлүктө* (Жантөшев). *Иштин прогрессивдүү методдорун көпчүлүккө жайылтуу керек* (Жантөшев).

**КӨПШӨК** 1. Бош, болбурак, борпоң, нык эмес. *Көпшөк кар. Үлп эткен желге куурайдын көпшөк күлү жогору көтөрүлүп жатты* (Таштемиров). 2. *өт.* Кайраты жок, алсыз, бош, борпоң. *Силердей көпшөктөрдөн алда канча тыңмын деп, Сапарбай моюн бербейт* (Бейшеналиев). *Түртүп койсо жыгылчудай көпшөк көрүнөт* (Байтемиров).

**КӨР I** Көрүү сезиминен ажыраган сокур, майыбы бар. *Боорум үшүп чер болду, Көзүм көрбөс көр болду* (Тоголок Молдо). *Күлжан деген кызды көзү жок көр киши да үнүн угуп ашык болот* (Байтемиров).

**КӨР II** Өлгөн адам көмүлгөн жай, мүрзө. *Көр казып жаткандар бери карата чубап калышты* (Жантөшев).

**КӨР III** 1. Көрүү сезими менен байкоо, көз жүгүртүү, кароо. *Кыз мыкка илинген сүрөттү көрдү* (Сыдыкбеков). *Такырайган кум баскан жер Бүгүн көрсөң башкача* (Бөкөнбаев). *Кино көрүүгө коңшулаш экскаваторчу жумушчулар да келишти* (Сасыкбаев). ‖ Байкоо, көз салуу, бир нерсенин жөн-жайы, шарты, ал-абалы ж.б. менен тааны- шуу, баам кылуу. *Барпы Шабыраалыны ээрчитип, тоодогу чөптөрдү көрүп келүүгө барган*

(Байтемиров). 2. Кандайдыр бир жайда болуу же бирөөгө кез келүү, учуроо. *Эшик-төрүмдү көрүп чык, жарыгым* (Сыдыкбеков). *Аман болсом көрөрмүн, Өзүмдүн кыпчак калкымды* (Үсөнбаев). 3. Дуушар болуу, башынан өткөрүү, жолугуу. *Көрбөгөндү көрдү. Үзүрүн көрдү. Кыйынчылыкты көп көрдүк. Азап көрдүк.* ‖ Бир нерсенин таасиринде болуу, таасирленүү, алуу. *Тарбия көрдү. Таалим көрдү. Ата көргөн бала.* 4. Бир нерсенин сапатына, белгисине ж.б. байкоо кылуу, баамдоо, сезүү. *Даамын көр. Тузун көр. Жытын көр.* 5. Эсептөө, ушундай деп сезүү, эсеп кылуу. *Жакшы көр. Жаман көр. Эп көр. Өөн көр. Жек көр. Ыйык көр.* 6. Кимдир бирөөнү, бир нерсени себепкер деп саноо, бир нерсенин болуу, келип чыгуу себебин ошого байланыштуу деп кароо. *Башын жуубай, биттен көрөт* (макал). *Бирөөдөн көрө турган иш эмес. Менден көрбөгүлө.* 7. Жаза, чара колдонуу, жазалоо. *Чара көр. Жаза көр.* 8. Камылга, даярдык ж.б. аракеттерин жүргүзүү, ишке ашыруу. *Конок камын көр. Ишке даярдык көр. Кышка камылга көр.* 9. Жетүү, колуна тийүү, ээ болуу. *Жылуу тамак, бүтүн көйнөк көрбөгөн* (Токомбаев). *Жайкысын кашык сүт көрүп, Жетпедиң эчки, саанга* («Жазгыч акындар»). *Бала көрөмбү деген үмүт пайда болду* («Ала-Тоо»). 10. Бирөөнүн аракетин, дымагын, ишин ж.б. кем баалоо, арзырлык эмес деп басынтуу же кекетүү маанисинде айтылат. *Мунун кыйынын көр! Баса албай жүрүп тоого чыгат элем дегенин көр!* 11. Чакчыл формадагы негизги этиш менен бирге айтылып, өтүнүү, сурануу, тилек кылуу же бирөөгө буюруу, сунуш кылуу ж.б. маанини билдирет. *Келе көр. Алып бере көр. Тие көрбө. Таштап кете көрбө. Айтып көр. Көтөрүп көр. Байкап көр.*

**КӨР АЗАБЫ** 1. *дин.* Күнөөлүү адамдарды көр ичинде азап периштелери кыйнайт имиш. 2. *өт.* Өтө кыйноо тартуу. *Көп эле болсо өлөрбүз, Көр азабын көрөрбүз* («Манас»). *Биз көргөн күндү сураба, көр азабы* («Ала-Тоо»).

**КӨР БАЙГЕ** Сөөктү коюп келгенден кийин ошол эле күнү уюштурула турган ат чабыш. *Көкөтөйдүн көр байге, Көргөн жанды кубантып* («Манас»). *Телтору атты бербеймин, Көр байгеге чаптырам* («Курманбек»).

**КӨР ЖЕМЕ** 1. Майда жеме, жемекөйлүк. *Чыдай албайм сенин көр жемеңе* (Бей-шеналиев). 2. Ыгы жок эле кемирип-кесип, орду жок жемелей берген, өтө майдачыл, жемекор. *Көр жеме кайнатам көрсөтпөгөнү калган жок* («Ала-Тоо»). *Көр жеме киши.*

**КӨР КАШКА** Мааниси жок, акылсыз.

**КӨР ООЗУНА БУТ САЛУУ** Өтө кыйналуу, азап чегүү, кыйынчылык башка түшүү. *Моминтип, менчилеп, көр оозуна бут салганда баркын билип, кайсалайсың, каранасың* (Осмоналиев). **В.: Көр оозуна бут малуу.** *Качып кетер Көйгап жок, көр оозуна бут малдым* (Осмоналиев).

**КӨР ООЗУНАН КАЙТУУ** Өлө турган абалга келип, кайра оңолуу, баш көтөрүү, өлбөй аман калуу. *Апасы катуу ооруп, көр оозунан кайтты* («Кыргызстан аялдары»). *Селки болуп селкилдеп жүрөм деген жаным көр оозунан кайттым* (Абдукаимов). **В.: Көр оозунан кайта келүү.** *Каныбек көр оозунан кайта келгени эсиңдеби, кубатым* (Жантөшев). **Көр оозунан кайра кайтуу.** *Ал көр оозунан кайра кайтты* («Ала-Тоо»). **Көр оозунан кайра тартуу.** *Үч ай ооруп, көр оозунан араң дегенде кайра тарттым* («Ала-Тоо»). **Көр оозунан кайтып келүү.** *Көр оозунан кайтып келдим, бир ажалдан башканы көрдүм* («Ала-Тоо»).

**КӨР ООЗУНДА** Өлүм алдында, өтө кыйын абалда. *Мусапырлык башка түшүп, кор болуп, көр оозунда турганда эмненин кайраты* (Осмоналиев). *Акыры көр оозунда турган немелер өмүр үчүн кармашууга даяр* (Каимов).

**КӨР ООКАТ** Жарыбаган болор-болбос оокаттын, тиричиликтин аракети, жашоо түйшүгү. *Эл-журт бар, эптеп көр оокат өтөр* (Кушубеков). *Турмуш, күндөлүк көр оокат алагды кылат* (Мырзаев).

**КӨР ПЕНДЕ** Пенде, караңгы адам, кудайдын кулу. *Аттангыла, көр пенделер, аттангыла. Алтын таажынын алдында өтөгүлө пенделик карызыңарды* (Касымбеков).

**КӨР СООДА** Соодага начар, туура соода кыла албаган, ала турган нерсесинин баасын чыгара албаган. *Көрүнөө көр сооданын кулу болду* (Көчкөнов). *Көр соодасың, соода кыла албайсың.*

**КӨР ЧЕҢГЕЛ** 1. Олбурлуу, чоң чеңгел. *Көр чеңгелин арбайтып эт сугунууга камынды.* 2. Алдым-жуттум, жегич, ач көз. *Бул Шабыраалы көр чеңгелдин колунан келчү иш. Аны актоого болбойт* (Байтемиров). *Ал башынан ошондой көр чеңгел неме эле* («Ала-Тоо»).

**КӨР ЧЫЧКАН** *биол.* Жер алдында жашоочу кемиргич айбандардын бир тукуму, түрү.

**КӨРБӨГӨНДҮ КӨРҮҮ** 1. *к.* **көрбөгөнү көр болуу.** 2. Жан жыргаткан жыргалчылыктын үстүндө болуу, жыргап-куунап доорон сүрүү. *Курдашым Манас барында, көрбөгөндү көргөмүн, Абыкенин тушунда Ар жорукка көнгөмүн* («Манас»).

**КӨРБӨГӨНҮ КӨР БОЛУУ** Көрбөгөн азабы калбоо, азап-тозокту, далай кордукту, кыйынчылыкты башынан өткөрүү. *Серек өмүрүн асырайм менен улам бир чоочун айылды маанектеп жүрүп, көрбөгөнү көр болду* (Осмоналиев). *Каныбектин көрбөгөнү көр болуп төшөктө жатат* (Жантөшев). **В.: Көрбөгөндү көрүү.** *Хан агамдын күнү үчүн, Көрбөгөндү көрсөм бейм* («Семетей»). *Анысынан да жазгы, күзгү жаанда моминтип темселешип,*

*көрбөгөндү көрүшөт* (Эралиев). *Жетимчиликтин айынан көрбөгөндү көрдүм, – деп, бала улутунуп койду* («Ала-Тоо»). **Көрбөгөн күнүн көр кылуу.** *Ошондой бир жолкуда Эдигейдин көрбөгөн күнүн көр кылды го бу оңбогон Каранар* (Айтматов).

**КӨРГӨ БУТУ САЛАНДОО** Карылыгы жетип, өлөрүнө аз калуу же өлүм алдында туруу деген мааниде. *Ээ.. балам, биздин болсо, көргө бутубуз салаңдап турат. Заманыңардын жыргалын эми силер көргүлө* (Жоошбаев).

**КӨРГӨЗ** 1. **көр III** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Билдирүү, сездирүү. *Эпкиндүүнүн белгиси Эмгегин элге көргөзгөн* (Осмонкул).

**КӨРГӨЗМӨ** 1. Көпчүлүккө көрсөтүлүүчү ар кандай нерселердин жыйындысы жана аларды коюучу жай, орун. *Сүрөт искусствосунун көргөзмөсү. Фото көргөзмө. Алар тамактанган соң айыл чарба көргөзмөсүнө кетишти* (Байтемиров). *Концерттер, көргөзмөлөр жана башка чаралар уюштурулуп, андан түшкөн каражаттар тынчтык фондусуна берилүүдө* («Кыргызстан аялдары»). 2. Жетекчиликке алуу, аткаруу үчүн берилген көрсөтмө, колдонмо.

**КӨРГӨН КҮНҮН ИТ КӨРСҮН** Анын күнү курусун, көрбөгөндү көрдү, катуу кыйналды, азап чекти деген сыяктуу мааниде. *Үмүттүн көргөн күнүн ит көрсүн, көрүнгөндөн кайыр сурап, куу турмуштун корун тартты* (Ашымбаев).

**КӨРГҮЛҮК** Кыйынчылык, кордук, азап. *Темир жол жок кезде адамдардын, колу ooрyп, таманы жооруп, көргүлүктү көрүшчү* (Сасыкбаев). *Саал кечиксек, көргүлүктү көрмөк экенбиз* (Элебаев). *Бул сөзүмө көнбөсөң, көргүлүктү көрөсүң* («Семетей»).

**КӨРДӨН АЛЫП, ЖЕРГЕ УРУУ** *к.* **жерден алып көргө уруу.**

**КӨРДӨН АЛЫП, КӨРГӨ САЛУУ** *к.* **жерден алып көргө уруу.**

**КӨРДӨН АЛЫП, КӨРГӨ УРУУ** *к.* **жерден алып көргө уруу.**

**КӨРДӨН СУУРУП, КӨРГӨ САЛУУ** *к.* **жерден алып көргө уруу.**

**КӨРДӨН ЧЫГА КАЛГАНДАЙ** Адамдын жүрөгү түшкөндөй, түрү суук, көрүнүшү жаман. *Эч капарсыз келе жатканда көрдөн чыга калгандай беш-алты адам тегеректеп калды* («Ала-Тоо»).

**КӨРК** 1. Бирөөнүн же бир нерсенин жакшынакай, кооз көрүнүшү; сымбат, көркөмдүк, сулуулук. *Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагым келди* («Ала-Тоо»). *Көркүнө чыга жайнаган, Жылжып аккан суусу бар* (Казыбек). *Арыктын боюндагы чоң мектепке шактын көркү көрк кошконсуйт. Жайылтып малын айдаса, Элдин көркү жеринде* (Жантөшев). *Дарактын көркү гүл менен, Мөмөнүн көркү бүр менен* (Үсөнбаев). 2. Бирөөнүн же бир нерсенин сырткы көрүнүшү, кебете-кешпири, түрү. *Көркүнө душман даай алгыдай эмес. Көркүн адам карагыдай эмес.*

**КӨРКАНА** Мүрзө, көрүстөн.

**КӨРКАНАЧЫ** **көркоо** менен бирдей.

**КӨРКАП** Көп деген мааниде. *Көркап бир миң кол жүрүп, Саналуу бир миң жол жүрүп.* («Эл адабияты»).

**КӨРКОО** 1. Көрдү ачып жегич жырткыч (көбүнчө карышкыр). 2. *өт.* Элге ырайымы жок эзүүчү, зулум, эл жегич. *Кедейлердин акысын Көркоо байлар жеп койчу* (Токтогул). *Жузбай пейли бузук, көзү заар, көркоо адам болчу* (Каралаев).

**КӨРКОО КОҢУЗДАР** Узундугу 10–40 *мм* келген тери менен азыктанган коңуздун бир түрү. *Көркоо коңуздардын түсү кара, канат жапкычтарында сары тактар же сызыктары болот.*

**КӨРКООЛУК** Зулумдук, ырайымсыздык.

**КӨРКӨМ** 1. Кооз көрүнүш, көрктүүлүк, сымбаттуулук. *Мекеним – көркөм Кавказ, толгон жемиш* (Маликов). *Укмуштуу көркөм жерибиз* (Бөкөнбаев). *Керилген мурут, ак жуумал, Келбети көркөм эр экен* (Бөкөнбаев). 2. Адабият, искусство жагына, ошол тармактагы чыгармачылыкка байланышкан. *Көркөм адабият. Көркөм фильм. Көркөм образ. Көркөм чыгарма.* 3. Искусство тармагындагы ишке байланыштуу болгон. *Театрдын көркөм жетекчиси.* 4. Искусствонун элементтеринен турган. *Көркөм гимнастика.*

**КӨРКӨМ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК** Усталардын, уздардын, зергерлердин асем буюмдарды жаратуучу кесиби.

**КӨРКӨМ КОТОРМО** *адаб.* Бир тилден экинчи тилге которулган адабий чыгарма.

**КӨРКӨМ ӨНӨР** Коомдук аң-сезим формаларынын бир түрү. *Курчап турган чындыктын көркөм чагылдырылышы көз менен көргөн образдарда (көркөм сүрөт өнөрү), үн коштоосунда (музыка), сөздө (көркөм адабият) көркөм өнөрдүн кээ бир түрлөрүнүн синтези менен (театр, кино) ишке ашат.*

**КӨРКӨМ ӨНӨР ИЛИМИ** Көркөм өнөр тарыхын жана теориясын, ошондой эле көркөм сынды өз ичине камтыган көркөм өнөр тууралуу илим. *Көркөм өнөр илими деген термин көркөм сүрөт өнөрүндө көбүрөөк колдонулат.*

**КӨРКӨМ ӨНӨР СИНТЕЗИ** Бир бүтүн көркөм чыгарманын (театр оюну) же салыштырмалуу өз алдынча турган чыгармалар ансамблинин алкагындагы көркөм өнөрдүн ар кыл түрлөрүнүн өз ара байланышы, органикалык биримдиги. *Чыныгы көркөм өнөр синтези ар кыл өнөрлөрдүн элементтерин, анын стилисттик биримдигин да түзүүчү идеялык маанисинин жалпылыгы менен гармониялуу айкалышында жетишилет.*

**КӨРКӨМ ӨНӨР ТААНУУ** Көркөм өнөр илими менен бирдей.

**КӨРКӨМ ӨНӨР ТАРЫХЫ** Көркөм өнөрдүн пайда болуш мезгилинен биздин күндөр-

гө чейинки өнүгүү процессин таанып-билүү илиминин бир бөлүмү. *Көркөм өнөр тарыхын изилдөө деги эле көркөм өнөр өнүгүүсүнүн айрым мезгилдерин (кайра жаралуу доорунун көркөм өнөрлөр тарыхы), түрлөрдү (бедизчилик, живопись тарыхтары), жанрларды (пейзаж, портрет тарыхтары) баяндап көрсөтөт.*

**КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ** Көз менен көрүп, кабылдаган жана көзгө көрүнгөн дүйнөнү тегиздик менен мейкиндикте сүрөттөөгө байланыштуу көркөм өнөрлөр. *Көркөм сүрөт өнөрүнө живопись, графика, бедизчилик кирет.*

**КӨРКӨМДӨ** Көркөм кылуу, кооздоо, көркүнө келтирүү, жасалгалоо. *Көркөмдөп жасалган чырактар метро ичине таң шооласын чачыратат* (Байтемиров).

**КӨРКӨМДӨЛ көркөмдө** этишинин туюк мамилеси. *Айыл сайын мектептер, Көркөмдөлүп салынган* (Осмонкул). *Чай ичер көркөмдөлгөн ак пияла, Шыңгырап, досуңдан сен сыр сураба* (Шимеев). *Гүлдөйт дагы колхоз айлым, Көркөмдөлүп жаркырайт* (Нуркамал).

**КӨРКӨМДӨӨ көркөмдө** этишинин кыймыл атоочу. *Үй жасалгаларын көркөмдөө. Кабинетти көркөмдөөгө катышуу.*

**КӨРКӨМДӨТ көркөмдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Эшик алдын көркөмдөтүп жасалгалоо. Көркөмдөтүп оймо-чийме жасатуу.*

**КӨРКӨМДҮК** 1. Көркөм көрүнүштө болгондук, кооздук, сулуулук. *Көлдүн айланасына өскөн камыш, балгын, жекендер көлдүн көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшев). *Көз тайгылткан көркөмдүктүн бардыгы, Бүтүп жатат биздин элдин колунан* (Шамшиев). 2. Эстетикалык таасир берүүгө жөндөмдүүлүк, чебердик. *Искусство чыгармаларынын көркөмдүк сапаты. Элдик чыгармаларды көркөмдүк менен аткаруу. Сайра классикалык опералардан татаал партияларды жогорку көркөмдүктө ырдаганына искусство чеберлери жогору баа берген* («Кыргызстан аялдары»).

**КӨРКӨМДҮҮ** Көркөмү келишкен, көркөмдөлгөн, кооз, көрктүү. *Көркөмдүү салынган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). *Көркөмдүү жайлоо Көк-Ойрок Көбөйгөн малы өрүштөн* (Үсөнбаев).

**КӨРКӨМДҮҮЛҮК** *адаб.* Өнөр чыгармаларынын мүнөздүү сапаты, искусстводогу сулуулуктун формасы, эстетиканын жогорку көрүнүшү.

**КӨРКТӨ** Көрктүү кылып кооздоо, көркүнө чыгаруу, сулуулоо. *Табиятты багынткан, Талааны көрктөп жаңырткан* (Нуркамал). *Жашооңду кубанч көрктөбөйт, Жаз менен кыш деп күн өтөр* (Закирова).

**КӨРКТӨЛ көркто** этишинин туюк мамилеси.

**КӨРКТӨН көрктө** этишинин өздүк мамилеси.

**КӨРКТӨӨ көрктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРКТҮҮ** Көркү, жарашыгы мыкты, көркөмдүү, келишимдүү, сулуу, кооз. *Айылдагы аялдардын көрктүүсү – Асылкан* (Жантөшев). *Көрктүү болсун баары деп, Күмүштөн жабдык салынган* («Курманбек»).

**КӨРКТҮҮЛҮК** Көрктүү, келишимдүү көрүнгөндүк, көркөмдүүлүк, кооздук, сулуулук.

**КӨРМАНА** *диал.* Көрүндүк.

**КӨРМАР** Сокур жылан. Сөөлжанга окшогон ичке, узундугу 30–40 сантиметрге чейин, көздөрү калканчанын астынан жакшы көрүнбөгөн, саргыч же саргыч кызыл түстөгү, адамга зыяны жок жылан.

**КӨРМӨКСӨН БОЛУУ** Көрүп турса да көрбөмүш болуу, көрбөгөндөй, байкабагандай болуп сезилүү. *Татыбек укмаксан, көрмөксөн болот* (Байтемиров). *Элдин көзүнчө Азизди көрсөң да көрмөксөн бол* (Жантөшев).

**КӨРӨ I** *диал.* Кумган (мойну узун келген чоюн чайнек).

**КӨРӨ II** Чыгыш жөндөмөдөгү сөздөн кийин айтылып, «буга караганда», «буга салыштырганда» деген маанини билдирет. *Шамдан көрө терезеден түшкөн айдын шооласы жарыкты алда канча көп бергидей* («Чалкан»). *Андан көрө Каныбектин өмүрүн тиле* (Жантөшев). *Бизден көрө сен көптү көргөн, көптү билген адамсың* («Ала-Тоо»).

**КӨРӨ АЛБОО** Ичи тарлык кылуу, ичи күйүү, ыраа көрбөө. *Көрө албайсың жардынын, Жакшы ат таап мингенин* (Токтогул). *Пейли жаман тууганың, Беш кой күтсөң көрө албайт* (Осмонкул). *Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт* (макал).

**КӨРӨГӨН көрөгөч** менен бирдей.

**КӨРӨГӨЧ** 1. Көрөнөөк, көзү курч. *Көрөгөчү Мамыты, Төгөрөктүн төрт бурчун, Бекем тиктеп калды эми* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Аркы-беркини мыкты баамдагыч, кыраакы, билгич, көсөм. *Уулум көрөгөч, кыраакы, чукулунан сөз тапкан, акылдуу болду.*

**КӨРӨГӨЧТҮК** 1. Көзү курчтук, көрөнөөктүк. *Сен мага караганда көрөгөчтүк кылдың.* 2. Кыраакылык, алдын ала биле коймойу бар, сезгичтик. *Чоң атамдын көрөгөчтүк менен айткан ойлорун биринин артынан бирин башыман өткөрдүм* («Кыргызстан маданияты»).

**КӨРӨЙҮН ДЕГЕН КӨЗҮ ЖОК** Жек көрөт, жаман көрөт, көргүсү келбейт, жакшылык кылайын деген ниети жок. *Орозкул болсо, бизди көрөйүн деген көзү жок* (Айтматов). *Барган сайын кыжыры кайнап туттугуп, экөөбүздү тең, өзгөчө Ажике жеңемди көрөйүн деген көзү жок, атамдын* (Акматов). *Атам экөөбүз токмок жегенден бери буларды көрөйүн деген көзүм жок* (Абдукаримов).

**КӨРӨК көрө II** менен бирдей.

**КӨРӨКӨ (күрөкө)** Баатырлар кийүүчү сырткы жоо кийими. *Күрөкөгө тепчилип, тартса да найза чыкпады* («Эл адабияты»).

**КӨРӨКЧӨ** **көрө II** менен бирдей. *Мындан көрөкчө, өндүрүштүн өзүнө барып иштеген жакшы* (Убукеев).

**КӨРӨМӨН** Кыраакы, алдын ала билген инсан. *Шамырат ары көрөмөн, ары бүйрө көрүнбөйбү* (Даникеев).

**КӨРӨНӨӨК** Тез көрө койгон, көрөгөчтүгү бар, көзү курч, баамдагыч, кыраакы. *Айбандар адамдарга караганда көрөнөөк* (Каимов). *Журналисттердин көзү көрөнөөк, кулагы уганаак болуш керек* (Бөлөкбаев).

**КӨРӨҢГӨ** 1. Кымыз, бозо, максым сыяктуу суусундук ачыткысы, жаңы куюлганын ачытуу үчүн калтырылган кору. 2. *өт.* Бир нерсенин негизи, түпкү маңызы, дараматы. *Оокат-тиричиликтин көрөңгөсү түгөнүп, барган сайын жакырлана баштадык* («Ала-Тоо»). *Көрөңгөсү жок байкуштун колунан эмне келмек* («Чалкан»).

**КӨРӨҢГӨЛӨН** Көбөйүү, жуктануу, ир-дененүү. *Силер мурдагыдай болбой, анча-мынча көрөңгөлөнүп калдыңар* («Ала-Тоо»).

**КӨРӨҢГӨЛӨНҮҮ** **көрөңгөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРӨҢГӨЛҮҮ** 1. Арбын, көп болуп жайылган, көбөйгөн. *Көрөңгөлүү кымыз. Көрөңгөлүү бозо.* 2. *өт.* Колу жуктуу, оокаттуу, жетиштүү. *Бизге караганда Тешебайлар көрөңгөлүү, оокат-тиричилиги жуктуу* («Ала-Тоо»).

**КӨРӨӨГӨН** *туурасы:* **көрөгөн.**

**КӨРӨӨГӨЧ** *туурасы:* **көрөгөч.**

**КӨРӨӨНӨК** *туурасы:* **көрөнөөк.**

**КӨРӨР КӨЗ** Эң жакшы көргөн, өтө жакын санаган, ардактап сүйгөн, билерман (көбүнчө аялга карата). *Касымбектин босогосун аттаган сайын үйүндөгү иреттүүлүк бектин көрөр көз айымы Айымкандын тескегенинен улам экендигине ынануудa* (Бейшеналиев). *Көрөр көз билерман Баякенин бүтүмүнө Шабдан баатыр эч наарызы боло элек* (Бейшеналиев).

**КӨРӨР КҮН** Жашай турган өмүр, тиричилик. *Тайбаскул чунактын дагы көрөр күнү бар экен, ээ...!* (Осмоналиев). **В.: Көрөр күн, ичер суу.** *Көрөр күн, ичер суусу бар экен, бечаралар өлдүм-талдым дегенде Караколдун четине жетишти* (Ашымбаев). *Көрөр күн, ичер суум бар экен, эшикке чыгып кылдырап басып калдым* (Жусупов). **Көрөйүн деген күн.** *Менин дагы көрөйүн деген күнүм бар* (Осмоналиев).

**КӨРӨР КҮН, ИЧЕР СУУСУ ТҮГӨНҮҮ** Өмүрү, жашоо-тиричилиги аяктоо, күнү бүтүү. *Чыны эле көрөр күн, ичер суум түгөнөбү?* (Осмоналиев). *Кол баштап нечен казатта жүрүп, соо калган карт баатырдын көрөр күнү, ичер суусу түгөндү* (Айтматов).

**КӨРӨСӨН** Көрүнүшү олбурлуу жана келбеттүү, келишимдүү. *Көрөсөн тоо. О Көк тулпардын үстүндө, Көрөсөн Бакай, олтурат* («Манас»).

**КӨРПӨ** 1. Козунун, улактын тармал жүндүү териси. *Кычан көрпө тумагын чекчейтип, жогору байланып алган* (Бейшеналиев). *Көрпөдөн ичик кылайын, Көбөөсүн макмал кынайын* (Токтогул). 2. Алдыга салынуучу ичке төшөк (көбүнчө төр көрпө *же* жер көрпө болуп айтылат). 3. *диал.* Жууркан-төшөк. *Дарбаза ачылган кезде көрпөтөшөктөрдүн, кийиз-килемдердин жайылуу турганы көрүндү* (Абдукаримов).

**КӨРПӨ БЕДЕ** Өсүп жетиле элек жаш беде. *Көрпө бедеге ат чалдырып алууга токтоп калдык* («Ала-Тоо»).

**КӨРПӨЛӨН** Көрпө сыяктануу, көрпө болуу (бедеге карата айтылат). *Көрпөлөнүп келе жаткан беде.*

**КӨРПӨСҮ КӨГӨРҮҮ** *к.* **көшөгөсү көгөрүү.**

**КӨРПӨЧӨ** 1. Ээрдин үстүнө салып, басмайыл менен тартылуучу кичине төшөк. *Кара булгаары тыштаган анжыян ээрге кара баркыт көрпөчө салынган* (Байтемиров). 2. Алдыга салынуучу ичке төшөк. *Болот миң башы шайы көрпөчөнүн үстүндө олтурган* (Абдукаримов). *Аваңа тетиги көрпөчөнү салып кой.*

**КӨРСӨ** Бир нерсенин жөн-жайын, эмне экенин аныктоо же болжол кылуу маанисинде айтылуучу киринди сөз катары колдонулат. *Баятан жорткон серүүн жел, көрсө, машина зымырап үчкандагы эпкин тура* (Сыдыкбеков).

**КӨРСӨТ** 1. Көрө тургандай кылуу, көргөзүү. *Талгат мага ушул альбомду көрсөтү. Байбиче, келиңиз, көрсөткөн орунга отуруңуз* (Сыдыкбеков). 2. Баамдатуу, бир нерсенин жөнүн, эмне экенин байкатып, билдирип туруу. *Бул жаш жигиттин ким менен байланышып жүргөнүн өзүнүн көз карашы эле көрсөтүп турбайбы* («Ала-Тоо»). *Эртең эмне иш башталып кетерин бүгүнкү чатактын өзү эле көрсөттү* («Чалкан»). 3. Бир нерсени эл, көпчүлүк көргүдөй, билгидей, карап тургудай кылып аткаруу, коюу. *Окуучулар кыяк тартып тамаша көрсөтүштү* (Убукеев). 4. Бир нерсеге дуушар кылуу, жеткирүү. *Көйнөгү жок кедейге, Көрсөтөсүң жабырды* (Токтогул). *Жакындарын кейитет, Түйшүктү катуу көрсөтөт* (Барпы). 5. Колдонуу, бир нерсени сездирүү, билдирүү. *Кан төгүлгөн майданда, Көрсөттүң эрдик күчүңдү* (Барпы). 6. Сунуш кылуу. *Кызым, сени бригадирдикке көрсөтүштү* («Кыргызстан аялдары»).

**КӨРСӨТКҮЧ** Бир нерсенин аткарылыш жыйынтыгын, болгонун, өнүгүш деңгээлин ж.б. жактарын аныктоого мүмкүндүк берүүчү далил, маалымат, жалпыланган жыйынтык. *Бул чарба мыкты көрсөткүчтөргө жетишкен чарбалардын катарында бара жатат. Биздин аймак өткөн жылды жак-*

*шы көрсөткүчтөр менен жыйынтыктады.*

**КӨРСӨТМӨ** 1. Аткарууга тийиш болгон кандайдыр бир тапшырманын, иштин аткарылыш тартиби, багыты көрсөтүлгөн жол-жобо. *Ал колхоздун бүт активин чогултуп алып көрсөтмө берди* (Каимов). *Курултайдын чечимдеринде улут саясатынын маселелери боюнча туура көрсөтмөлөр берилген.* 2. *сүйл.* Көргөзмө. *Көрсөтмөгө барууга, Даярданып калыптыр* (Үсөнбаев).

**КӨРСӨТМӨ КУРАЛ** Өтүлө турган материалдар окуучуларга жеткиликтүү, түшүнүктүү болушун камсыз кылуу үчүн колдонулуучу (сабакта көрсөтүүгө керектелүүчү) нерселер (глобус, карта, таблица ж.б.).

**КӨРСӨТТҮР көрсөт** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨРСӨТҮЛ көрсөт** этишинин туюк мамилеси.

**КӨРСӨТҮҮ көрсөт** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРСӨТҮШ көрсөт** этишинин кош мамилеси.

**КӨРҮ КҮЙСҮН!** Көбүнчө улгайган кишилерге карата каргоо, тилдөө маанисинде колдонулат. *Көрү күйсүн! Жоро шайтан көрүндө да жөн жатпайт, өлсө деле мага асылганын койбойт* (Жигитов).

**КӨРҮК** Темир усталардын териден жасалган от үйлөткүч шайманы. *Актан эки колу менен алмак-салмак күшүлдөтүп көрүк басууда* (Бейшеналиев). *Көрүк үйлөгөн таш көмүрдүн көгүш жалыны ого бетер алоолонот* (Абдукаримов).

**КӨРҮКЧҮ** Көрүк басуучу киши. *Чалдын баласы көрүкчү болуп иштейт экен* (Абдукаримов).

**КӨРҮЛ көр III** этишинин туюк мамилеси. *Көрүлө турган чаралар. Аракет көрүлдү.*

**КӨРҮМДҮК** *туурасы;* **көрүндүк.**

**КӨРҮН** 1. **көр III** этишинин өздүк мамилеси. 2. Бир нерсенин жөнүн, болгон-болбогонун, себебин ж.б. чамалап, болжоп, жакындатып айтууда колдонулат. *Зарылдын катары кемпирге жайлуу болуп кетти көрүнөт* (Сыдыкбеков). *Биригип кеткен көрүнөт, Элиңдин жаш-карысы* (Жантөшев).

**КӨРҮНГӨН** Ар ким, ар нерсе, көзгө илинген. *Көрүнгөндү куткарбай, Өрдөк, чүрөк, куу аттың* («Кожожаш»). *Көпкөндүккө жеңдирип, Көрүнгөнгө мактанба* (Токтогул). *Көрүнгөндү кармалап, жанталаша бербечи* («Ала-Тоо»).

**КӨРҮНДҮК** *этн.* Жаңы төрөлгөн баланы, жаңы келген келинди, кайындап барган жаңы күйөөнү ж.б. көрүү үчүн берилген сый, белек. *Көрүндүкө жамбы алып* («Манас» С.О.). *Уулуңа көрүндүк бер!* (Абдукаримов). *Татыбекти көрүп, көрүндүк, сүйүнчү доолашат* (Байтемиров).

**КӨРҮНӨ** Ачык, дапдаана, көз менен көрүүгө болгудай, эч кимден жашырынып-жамынбай, жазганбай. *Көрүнө жерге коюу. Көрүнө качып кете албай, Менден коркуп жүргөнүң* («Эр Табылды»).

**КӨРҮНӨӨ көрүнө** менен бирдей.

**КӨРҮНҮКТҮҮ** 1. Көрүнүп тургудай, ачык, көрүнө, издегенде, керек болгондо оңой таап алгыдай. *Буюмду көрүнүктүү жерге коюу.* 2. Эмгеги, атагы ж.б. элге белгилүү, көпчүлүккө дайын, атагы чыккан, таанымал. *Силердей эле мотураңдап окуп жүрүшүп, эми республиканын көрүнүктүү адамдары болуп отурган агайларыңар көп* («Жаш ленинчи»). 3. Көзгө көрүнөрлүк, олуттуу, маанилүү деп айтарлык, мактоого татырлык. *Асылкан уйлардын сүт өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда көрүнүктүү ийгиликтерге жетишти.*

**КӨРҮНҮҮ көрүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРҮНҮШ I** 1. Бир нерсенин көзгө көрүнгөн, сезилген жалпы белгилери, сырткы кебетеси, түрү, турпаты. *Сансыз айланадагы табияттын көрүнүшүн өтө суктануу менен карады* (Жантөшев). *Алымдын көрүнүшү Анарханга коркунуч туудурду* (Жантөшев). 2. Драмалык чыгарманын бир бөлүмү. 3. Бир нерсенин жалпы ал-абалы, жагдайы, шарты. *Иштин бул көрүнүшү азырынча бизди жыргаткыдай эмес* («Чалкан»). *Бул көрүнүшкө эч ким алымсынгыдай эмес* («Ала-Тоо»). 4. Кубулуш. *Жаратылыштын ар кандай көрүнүштөрү.*

**КӨРҮНҮШ II** 1. **көрүн** этишинин кош мамилеси. 2. Кездешүү, жолугушуу. *Бир саат көрүнүшпөй калса, чый-пыйы чыгат* (Байтемиров). 3. Учурашуу, саламдашуу. *Жанар кыздар менен кол кармашып көрүнүштү* (Баялинов).

**КӨРҮНЧҮ** *миф.* Эски ишеним боюнча көзгө адам сыяктуу же башка бир нерсе сыяктанып көрүнүп, коркунуч туудуруучу элес.

**КӨРҮҢДӨ ӨКҮР!** Жакшылык көрбө, өлгөндө да тынч жатпа! деген мааниде беймаза кишилерди каргоо иретинде колдонулат. *Көрүңдө өкүр, как баш! – деп каргап жатты* («Ала-Тоо»). *Башкага кымындай жакшылык ойлобойсуң, көрүңдө өкүр, канкор!* (Осмоналиев). **В.: Көрүңдөн таш чыккыр!** *Көрүңдөн гана ташы чыккыр, ким гана болду экен а?! – деп күйдү Мадыл* (Касымбеков).

**КӨРҮСТӨН** Өлгөн адамдар көмүлгөн жай, бейит. *Ыйлаймын андан башка айла канча, Көргөндө көрүстөндү зээним кейийт.*

**КӨРҮҮ көр III** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРҮҮЧҮ** Сахнада, цирктин аренасында, кинотеатрларда, стадиондо ж.б. жайларда көрсөтүлгөн оюндарды, фильмдерди ж.б. көрүүгө барган адам. *«Октябрь» кинотеатрына* 300*дөн ашык көрүүчүлөр чогулушту* («Кыргыз Руху»).

**КӨРҮШТҮР** **көрүш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨРҮШҮҮ** **көрүш** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРҮШҮҮ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Каада-салт ырларынын түрү, кыргыз элинин кызды күйөөгө узатуу расмисине байланыштуу ырдалчу ырлар.

**КӨРЧӨГӨ** Ат жабдыктарына, бут кийимге ж.б. кадап бекитилген жазы бөрктүү жез же күмүш мык же ошол формадагы асыл таштар.

**КӨРЧӨГӨЛӨ** Көрчөгө салып кооздоо.

**КӨРЧӨГӨЛӨӨ** **көрчөгөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨРЧӨГӨЛӨТ** **көрчөгөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨРЧӨГӨЛҮҮ** Көрчөгө салынган, көрчөгөлөп кооздолгон.

**КӨСӨ** Күйүп жаткан отту же чокту көсөө менен ары-бери которуштуруу, ичкертүү, күйүүгө ылайыктап оңдоп коюу. *Мергенчи отту көсөп, таш кордону оңдоп койду* («Ала-Тоо»). *Каныбек коломтодогу кызарып жаткан чокту көсөп-көсөп алды* (Жантөшев).

**КӨСӨМ** 1. Кой-эчкилерди башкарып, баштап жүргөн эркеч, теке. 2. Көптү көргөн, көптү билген даанышман, акылман, жол башчы. *Көптү көрбөй көсөм болбойт* (Жантөшев). *Жакшы жүрүп үлгү алгын, Көптү билген көсөмдөн* (Сыдыкбеков).

**КӨСӨМДҮК** Акылмандык, даанышмандык, кыраакылык. *Салышып жоого болгон маш, Көсөмдүгү бар экен* («Манас»).

**КӨСӨМСҮН** Өзүн көсөм катары көрсөтүү, көсөм болумуш этүү.

**КӨСӨМСҮНҮҮ** **көсөмсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨСӨӨ I** От көсөшкө, отту кагыштырып, ичкертип турушка ж.б. колдонулуучу кыска таякча. *Асан көсөөнү ала коюп, отту чулгуп койду* (Токомбаев). *Көсөөнү колуна алып, алдына чок тартты* (Убукеев).

**КӨСӨӨ II** Сакал-мурут чыкпаган же сакал-муруту өтө сейрек. *Көсөө абышка оңдонуп отурду* (Баялинов). *Муслимахун сакалмуруту жок көсөө* (Жантөшев).

**КӨСӨӨ III** **көсө** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨСӨӨ КУЙРУК** Кыска, сопол куйрук. *Чуркаса атка жеткирбейт, Көсөө куйрук, тайган төш* (Осмонкул). *Көсөө куйрук көк бөрү* («Манас»).

**КӨСӨР** *туурасы:* **көөсөр.**

**КӨСПАНТ** Кой, кой-козу. *Көспанттан канча салалык, Көбүрөөк кылып алалык* («Манас»).

**КӨТӨН КОРОЗ** Сыланкороз, жасанганды, кийингенди жакшы көргөн, көйрөң.

**КӨТӨР** 1. Мурунку ордунан өйдөлөтүп, бийиктетип, көтөрүлгөн абалга келтирүү, колго алуу. *Бригадалар жабдыктарын көтөрүп, жумушка бет алышты* (Сасыкбаев). *Желек көтөрүп жүргөн келин Настен эле* (Убукеев). *Жеңеси үй саап, сүт көтөрүп киргичекти, самоор да шуулдап калат* (Сыдыкбеков). ‖ Өзүнө (аркасына, ийнине ж.б.) жүктөп, бир жерден экинчи жерге ташуу, жеткирүү же алып жүрүү. *Дал ортомду кабыртып, Көтөрдүм отун адырдан* (Барпы). 2. Көтөрмөлөө, колдоо, өстүрүү, жогорулатуу. *Тарбиялап көтөрдүң, Кедей менен жакырды* (Барпы). *Жылдызкан менин даражамды көтөрүп койду* (Байтемиров). 3. Куруу, тургузуу, тигүү (дубалды, боз үйдү ж.б.). *Кара-Буура, Чаткалга там көтөрүп алсак деп* («Сейтек»). *Дубалды сарапка чейин көтөрүп чыкмай оюма келди* (Касымбеков). *Табылдыны аткарып, Көтөргөн үйгө алпарып* («Эр Табылды»). 4. Ишке, кызматка, бийликке коюу, дайындоо. *Жакында Пудовкинди согуштук саясий кызматка көтөрдү* (Бектенов). *Сынга толгон баланы, Хан көтөрүп алалык* («Эр Табылды»). 5. Кош бойлуу абалда болуу. *Кандуу күндө көтөрүп, Майрам күнү төрөдүм* (Осмонов). 6. Бийиктетүү, катуулатуу (мис. дабышты, үндү). *Салык ишенимдүүлүк менен үнүн көтөрө сүйлөдү* (Каимов). *Нагыз элдик обонго салып, кайруусун бийигирээк көтөрөт* (Сыдыкбеков). 7. Чыдоо, туруштук берүү, көнүү, моюн сунуу, терикпөө. *Жашымдан далай түйшүк көтөрдүм* (Жантөшев). *Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, тер көтөрбөй күлүк болбойт* (макал). *Тамашаңбы же чыныңбы, айтор көтөрбөскө чара жок экен. Айла жоктон үнчүкпөй басып кете бердим* («Чалкан»). *Эркелесем эркелигим көтөргөн, Менин энем – кагылайын кыргыз эл* (Үмөталиев). 8. Бир нерсенин милдетин, ыгымчыгымын ж.б. моюнга алуу, өзү бүтүрүүгө, өз мойну менен тартууга макул болуу. *Тойдун бардык чыгымын өзүм көтөрөм, ага кабатыр болбоңуз* («Ала-Тоо»). *Жетимдерче сандалтпай, Көтөргөмүн милдетин* (Токтогул). 9. Аякты, рюмканы ж.б. колуна алып, ичип жиберүү, тостту алып коюу. *Токтоо бербей тост көтөрдүк баарыбыз* (Маликов). *Коноктор көңүл бөлүп карайт бизди, Көтөрчү коноктордун урматына* (Шимеев). *Биздин эл толо аяктан насип көтөрүп көнгөн* (Сыдыкбеков). 10. Колундагы нерсе менен уруп, чаап жиберчүдөй тап берүү. *Камчы көтөр. Союл көтөр. Балта көтөр.*

**КӨТӨРГҮЧ** Жүктү, ар кандай оор салмактуу нерсени көтөрүү же бир жерден экинчи жерге көтөрүп жылдыруу ишин аткарган механизм.

**КӨТӨРМӨ I** Сууну, көлмөнү тосуш же ташкынды, селди токтотуш, бууш үчүн кырдалган жээк.

**КӨТӨРМӨ II** *эск.* 1. Жумуш иштеп берүү үчүн алынган карыз, насыя. *Жакып тыңыгандан кийин, Ийгилик экөө көтөрмөгө су-*

*гат сугаруучу болду* («Ала-Тоо»). 2. Белгилүү мөөнөттөн кийин пайыз кошуп (көбөйтүп) төлөп берүүгө милдеттенип алган карыз. *Мындай сүткор байлардан, Көтөрмөгө пул алба* (Токтогул). *Чейрекер байдын кампасынан келерки жылдын эсебинен көтөрмө алды* (Абдукаримов).

**КӨТӨРМӨ III** Отунду таңып көтөрүүгө же бир нерсени байлоого ылайыкталып эшилген, аркандан кыска келген жоон жип, кыска аркан. *Таштан керегенин башындагы орок менен көтөрмөнү алып чыгып кетти* (Жантөшев). *Асан кылдан эшилген кара көтөрмөнү текенин мүйүзүнө чалып байлайт. Мен көтөрмө эшип, жүн тыткан түйшүктүн кишиси элем* (Сыдыкбеков).

**КӨТӨРМӨЛӨ I** 1. Колдоого алып, жөлөптаяп жардам берүү, илгерилетүү, жетилтүү. *Биздин заман эмгекчи үчүн, Көтөрмөлөйм карыпты* (Бөкөнбаев). *Өкмөткө ыракмат, ушунча сыйлап, ушунча жылдан бери көтөрмөлөдү* (Мавлянов). 2. Ишинен, кызматынан жогорулатып көтөрүү, чоңойтуу, чоңураак ишке коюу.

**КӨТӨРМӨЛӨ II** Көтөрмөгө (карызга) алуу, карыздоо, насыялоо. *Бирөөдөн көтөрмөлөп кой таап коём* (Бөкөнбаев).

**КӨТӨРМӨЛӨӨ көтөрмөлө I** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨТӨРМӨЧҮ** (көтөрмөчү соодагер) *тар.* Майда буюм-терим, кездеме ж.б. кыдыртып сатуучу соодагер.

**КӨТӨРӨ ЧАЛУУ** Мактоо, көтөрмөлөө. *Ал каркылдап Тоголок Молдону көтөрө чалды* (Бейшеналиев). *Түлкүбек отургандарды көтөрө чалып мактай баштады* (Жантөшев). *Мурат өзүн көтөрө чалып сүйлөгөнүн эки кыз тең байкашты* (Байтемиров).

**КӨТӨРТ көтөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨТӨРҮЛ** 1. **көтөр** этишинин туюк мамилеси. 2. Өйдө болуу, өйдө, жогору көздөй жылып басуу, каптоо. *Тоодон туман көтөрүлүп, асманды булут каптады* (Жантөшев). *Кимдир бирөө тепкичтен көтөрүлүп келе жатты* («Кыргызстан аялдары»). 3. Демилгеси күч алып козголуу, толкуй баштоо. *Көпчүлүк толкуй түштү, көтөрүлө түштү* (Сыдыкбеков). ‖ Каршы чыгуу, каршылык кылуу, көтөрүлүш чыгаруу. *Эл душманга каршы көтөрүлдү.* 4. Көңүлү эргүү, козголуу, кубануу, эреркей түшүү. *Алдыңкы сапта бараткан Шамбетин көргөндө жаш келин көтөрүлө түштү* (Сыдыкбеков). *Аты тийип колуна, Эр Табылды жалгызың, Көтөрүлүп сүйүнүп* («Эр Табылды»). *Ачейке карыянын көңүлү абдан көтөрүлдү* (Убукеев). 5. Көөдөнүн көтөрүү, мактануу, менменсинип бой көтөрүү. *Ал өзүнүн күчтүү болгонуна корстон болгондой, көтөрүлө сүйлөдү* (Токомбаев). *Көтөрүлүп көп сүйлөп, Болбос ишке күлбөгүн* (Токтогул).

**КӨТӨРҮЛТ көтөрүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨТӨРҮЛҮҮ көтөрүл** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨТӨРҮЛҮШ** Таптык жана улуттук кысыкчылыкты коргоо же болбосо эски коомдук түзүлүштү кулатып, жаңы коомдук түзүлүштү орнотуу максатында бийлик жүргүзүп турган эзүүчү тапка каршы эмгекчи масса тарабынан жүргүзүлгөн куралдуу күрөш. *Август айынын аяк ченинде падышага каршы көтөрүлүш башталды* (Баялинов). *Эски доордун элесин да билбеймин, Төрөлүпмүн көтөрүлүш жылында* (Токомбаев).

**КӨТӨРҮМ I** Отундун, чөптүн ж.б. таңып көтөрүүгө мүмкүн болгон көлөмү, өлчөмү. *Бубуш жонуна чоң көтөрүм отунду көтөрүп, каадасынча кеч кайтты* («Ала-Тоо)».

**КӨТӨРҮМ II** Абдан арыктаган, каруудан ажыраган, аягы менен басып тура албаган. *Камылгаңарды жакшы көрүп, малыңарды көтөрүм кылбай жакшы баккыла* (Абдумомунов). *Кошуп берген наны жок, Көтөрүм болдум тура албай, Булбулуңдун алы жок* (Токтогул).

**КӨТӨРҮМ III** Сөзгө, тамашага ж.б. терикпеген, чычалабаган оор басырыктуулук, сабырдуулук, токтоолук. *Сагынбектин тамаша сөзгө көтөрүмү жок.*

**КӨТӨРҮМДҮҮ** Ар нерсени көтөрө алган, чыдамдуу, сабырдуу, терикпеген, мунбаган, чыдаган, көөп кетпеген. *Акмат көтөрүмдүү киши көрүндү* (Убукеев). *Сөз көтөрүмдүү карыя унчукпай кутулду* («Чалкан»). *Семиздикке да, арыктыкка да койдой чыдамдуу, көтөрүмдүү мал болбойт* (Убукеев).

**КӨТӨРҮҢКҮ** 1. Бир аз бийигирээк келген, саал көтөрүлгөнсүгөн. *Капитан көтөрүңкү жерге чыга бергенде, кайрылып тура калды* (Жантөшев). 2. Бекемирээк, катуураак (үнгө, добушка карата айтылат). *Курман үнүн көтөрүңкү чыгарды* (Убукеев). 3. Шат, шандуу. *Көңүлү көтөрүңкү.* 4. Бой көтөргөнсүгөн, көпкөлөң тарткан, мактанган. *Бар болчу көтөрүңкү бир мүнөзү, Ашыра кармар эле өзүн өзү* (Абдыраманов). *Чотурдун көтөрүңкү сүйлөшүн, мыктысынган кебетесин кыртышым сүйбөдү.*

**КӨТӨРҮҮ көтөр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨТӨРҮШ көтөр** этишинин кош мамилеси.

**КӨТҮ БОШ** Мал жегенге, тоютка жарамдуу отоо чөптөрдүн бир түрү.

**КӨТҮ КУУШ** Батына албаган, жалтак, коркок кишиге карата айтылат. *Уурунун көтү кууш.*

**КӨЧ I** Бир орундан экинчи орунга конуш которуу үчүн келе жаткан жүк, кире. *Эркек бала өңөрүп, Жеңекем көчтү баштаптыр* («Эр Табылды»). *Көч жөнөдү турбастан, Күркүрөп аккан суу кечип* (Тоголок Молдо).

**КӨЧ II** 1. Конуш же орун которуу үчүн бир жерден экинчи жерге карай жүктөрү менен жөнөө, жол тартуу, барып орношуу. *Жайлоонун чөбү саргарып, малдан сүт байыган кезде, айлыбыз менен күңгөйгө көчтүк* (Сасыкбаев). 2. Бир жерден экинчи жерге которулуу, жылуу. *Сур булуттар ары бери көчүп, алда кайда кетип жатты* (Жантөшев). 3. Кулап, урап кетүү, жемирилип, урап отуруп, мурдагы калыбында болбой калуу. *Ат кепенин аркасы көчүп кетиптир* (Касымбеков). *Жамгыр тийбей көчкүдөй Ак топурак жар беле* (Токтогул). 4. Жүрүү, ордунан жылдыруу (шахмат, шашка, тогуз коргол оюндарында фигураны, ташты бир клеткадан же бир уядан экинчисине жүрүүгө карата айтылат). 5. Класстын, курстун ж.б. кийинкисине, жогоркусуна карай өтүү. *Динаржан, сен күздө бешинчи класска гана көчөсүң* (Сыдыкбеков). 6. Мурдагыдан башкача болуп өзгөрүү, башкага айланып кетүү. *Мына, иш чынына көчө турган болду* (Каимов).

**КӨЧ БАЙСАЛДУУ БОЛСУН!** Баруучу жайыңарга аман-эсен жеткиле деп, көчүп бара жаткандарга айтылуучу каалоо, жакшы тилек. *О, жеңелер, көч байсалдуу болсун! – деди Дайыр* (Жантөшев).

**КӨЧКОЙ** Күйөө баланын айылынын көчү колуктусунун айылы аркылуу өткөндө колукту тарап көчкөндөрдөн талап кылуучу мал.

**КӨЧКҮ** Тоонун тик капталдарынан тоотек, кар массаларынын оордук күчүнүн натыйжасында ылдый карай кулап же көчүп түшүшү: *Жер көчкү. Кар көчкү. Тоо көчкү. Кээде көчкү жүрүп, кар басып калабы деп да коркчубуз* («Ала-Тоо»). *Айлана бүт өзгөрдү, Көчкү алгандай дүңгүрөп* («Кожожаш»).

**КӨЧКҮЛҮҮ** Көчкү көп жүргөн жер. *Көчкүлүү жерге барасың, Бешинчи күнү шам менен.*

**КӨЧМӨ** Кыдырма, көчүп жүрмө. *Көчмө кино. Көчмө дүкөн. Көчмө кызыл үй. Көчмө көргөзмө.*

**КӨЧМӨ ТОП** Кенен аянтчада топ менен ойнолуучу балдардын оюну.

**КӨЧМӨН** Отурукташпаган, бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн. *Малына караган көчмөн журт ар кайсы кокту-колоттордо жалгыз-жарымдап олтура беришет* (Сыдыкбеков).

**КӨЧМӨНДҮК көчмөндүүлүк** менен бирдей. *Көчмөндүк калыбынан чыгып, эл толук отурукташып бүттү.*

**КӨЧМӨНДҮҮ көчмөн** менен бирдей. *Көңүлүмдөн кетпедиң, Көчмөндүү кыргыз көп журтум* (Токтогул). *Көчмөндүү кыргыз калкы бар, Көрөргө түрлүү салты бар* (Казыбек).

**КӨЧМӨНДҮҮЛҮК** Көчмөн элдин турмушу, көчмөн турмуш.

**КӨЧӨ I** 1. Калк отурукташкан жерлердин (шаардын, айыл-кыштактардын) эки жээгине катар-катар үйлөр салынып, ортосунан жол өткөрүлгөн узун тилкеси. *Назаров туура көчө менен жогорулай басты* (Убукеев). *Кыздар ортоңку кең көчөгө өтүштү* (Сыдыкбеков). 2. Үйдүн сырты, тыш жак, жалпы эле үйдөн сырткары болгон ачык жер. *Көчөгө чыгуу. Көчөдө калуу.*

**КӨЧӨ II көжө** менен бирдей.

**КӨЧӨТ** 1. Көчүрүп тигүүгө ылайыктап, питомникте же башка жайда өндүрүлгөн жаш өсүмдүк (дарак, бадал же жашылча өсүмдүгү). *Өрүктүн көчөтү. Талдын көчөтү. Капустанын көчөтү. Көчөт отургузуу. Көчөт өндүрүү.* 2. Бир нерсенин бетине кооздолуп түшүрүлгөн оймо-чийме, түр, сайма. *Килем көчөт келтирип, Чырмап салган чийине* (Тоголок Молдо). *Алтын көчөт чоң килем, Чылк жибектен токулган* («Манас»).

**КӨЧӨТ КӨЧҮРҮҮ** *этн.* Бирөөнүн оорусун башка бир нерсеге (ташка ж.б.) дубалап көчүрүп, аны алыс алып барып таштоо менен оору киши айыгат деген түшүнүккө байланыштуу ырым-жырым кылуу, дарылоо.

**КӨЧӨТТӨ** 1. Көчөт тигүү, көчөттөрдү бир жерден, экинчи жерге көчүрүү. *Көчө салган айылга Көчөттөп тиккен тал кызык* (Осмонкул). 2. Оймо-чийме түшүрүү, саймалоо, түрдөө.

**КӨЧӨТТӨЛ көчөттө** этишинин туюк мамилеси. *Жаралып далай буюм чыгып жатат, Сайылып, көчөттөлүп эмгек гүлү* (Бөкөнбаев).

**КӨЧӨТТҮҮ** Көчөт салып түрдөлгөн, оймочиймелүү, саймалуу. *Түшүндө көчөттүү сонун килем тартылып туруучу* (Сыдыкбеков). *Түрлүү-түрлүү көчөттүү Шырдак сатты, кайран эл* («Жазгыч акындар»).

**КӨЧҮГҮ ЖЕР ЖЫТТАБОО** Бир жерге тынч алып отура албоо, жаны жай албоо, жаны тынбай чарк айланып жүрө берүү. *Чаргын көчүгү жер жыттабай, өндүрүштө демилге берет* (Сыдыкбеков). *Аныкы да жөндүү. Ажы абамдын көчүгү жер жыттабайт* (Бейшеналиев). *Ал көчүгү жер жыттабай кечке кат артынан жүрөт* (Жигитов). **В.: Көчүгүн жер бастырбоо.** *Ушул келин мен үйүнө бардым болду, көчүгүмдү жер бастырбай жумшай берет* (Элебаев).

**КӨЧҮГҮН ЖЕРДЕН АЛБОО** Удаа-удаа төрөй берүү, жүйүр төрөө. *Байкуш жеңем, бизге келгени көчүгүн жерден алган жок.*

**КӨЧҮК** 1. Адамдын, жаныбарлардын белден төмөнкү, куймулчак жаккы бөлүгү, куйруктун түбү. *Ок аюунун көчүк жагына тиет* (Баялинов). *Үзөңгүдөн бут тайып, Ээрден көчүк кылтайып* («Манас»). 2. Нерсенин түп жагы, арткы бөлүгү, аяк жагы. *Андрей мылтыгынын көчүгү менен тактайды акырын такылдатып койду* (Сасыкбаев). *Көчүгү кучак чоң комуз, Дутарларын тарттырып* («Манас»). *Кыргы менен кыргылап, Кундагынын көчүгүн Кара ашка ургулап* («Манас»).

**КӨЧҮК АЙЛАНБАГАН** Өтө тар, эң эле кичинекей. *Көчүк айланбаган кичинекей бөлмөсү бар.*

**КӨЧҮК БАСУУ** *же* **көчүк коюу** Отуруу, бир аз отуруп жай алуу. *Алыбек жалпак ташка көчүгүн коюп, отура кетти* (Жантөшев). *Мергенчи таштын үстүндө көчүк басып, папирос тарта баштады* (Сасыкбаев).

**КӨЧҮКТҮҮ** Көчүгү чоң, көчүк жагы жазы.

**КӨЧҮЛ көч II** этишинин туюк мамилеси. *Көчүлө элек үй.*

**КӨЧҮР** 1. **көч II** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Көчөттөрдү экинчи бир жайга отургузуу, тигүү. *Түрдүү-түрдүү өсүмдүк, Өндүрүп алып көчүрдүк* (Тоголок Молдо). *Мичурин кээде алма жыгачын таштакка көчүрчү экен* (Сыдыкбеков). 3. Басылган же жазылган текстти кайрадан жазып чыгуу, кайра которуп жазуу. *Ал кичине кезинде акындардын ырларын окуп, аны көчүрүп жазып алчу* («Кыргызстан аялдары»).

**КӨЧҮРМӨ** 1. Башка чыгарманы кайталап, аны толук кайра чагылдыруу максатындагы көркөм чыгарма. *Толук кандуу көчүрмө түп нуска менен көлөмү жана техникалык каражаттары менен гана дал келбестен, аткарылыш сапаты менен да дал келиш керек.* **2.** Кандайдыр бир тексттин (кол жазманын, документтин ж.б.) көчүрүп жазылган, көчүрүлгөн үлгүсү. *Токтомдун көчүрмөсү. Ал төраганын биринчи катын жана ага берилген жооптун көчүрмөсүн гана тапты.* («Ала-Тоо»). ‖ Бир нерсенин өзүндөй кылып кайра жасалган, тартылган үлгүсү. *Портреттин көчүрмөсү. Картинанын көчүрмөсү.*

**КӨЧҮРТ көчүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨЧҮРҮЛ көчүр** этишинин туюк мамилеси. *Сүт фермасынын үйлары жайытка көчүрүлгөн* (Убукеев).

**КӨЧҮРҮҮ көчүр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨЧҮРҮШ көчүр** этишинин кош мамилеси.

**КӨЧҮҮ көч II** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨШ** *диал.* Эт. *Коёндун өзүн көрүп, көшүнө неге таарынасың.*

**КӨШМӨР** Эттүү, эткээл, эти чың. *Эти көшмөр болсун деп, Эрки менен толсун деп* («Семетей»).

**КӨШӨГӨ** 1. Көргөзбөй далдаалап туруу үчүн үйгө, сахнага тартылуучу узун жазы парда. *Мен үч-төрт келин, кыз менен көшөгөнүн ичиндемин* (Жантөшев). *Көшөгө ачылганда ыраактан ырдап келе жаткан кыз-келиндердин үнү угулду* (Турусбеков). 2. Драмалык чыгарманын бир бөлүгү. *Беш көшөгөдөн турган пьеса.*

**КӨШӨГӨЛӨН** Далдааланууу, көшөгөнүн ичине жашынуу. ‖ Уялып жүзүн көрсөтпөй, жүзүн калкалоо.

**КӨШӨГӨЛӨНҮҮ көшөгөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨШӨГӨҢ КӨГӨРСҮН** «Бак-таалайлуу, өмүрлүү бол, бактылуу жаша» деген мааниде жаштарга айтылуучу алкоо, тилек. *Кызыңдын көшөгөсү көгөрсүн, байбиче* (Сыдыкбеков). – *Ырахмат кызым! Көшөгөң көгөрсүн! – деп кемпир үнүн каргылдантты* (Байтемиров). – *Бали! Акын болбосоң коё кал. Көшөгөң көгөрсүн!* (Бейшеналиев). *Кызыңыздын көшөгөсү көгөрсүн, байбиче* (Сыдыкбеков). **В.: Көрпөсү көгөрүү.** *Ошон үчүн көрпөсү көгөрүп, жамбашы жерге тийгенче ат үстүнөн түшкөн жок* (Бердикеев).

**КӨШӨКӨР** Кошоматчы, бирөөгө жагынма. *Көшөкөр киши. Көшөкөр жигит.*

**КӨШӨКӨРДҮК** *диал.* Доюрдук. *Көшөкөрдүк кылганыңда эмне болот эле, тим койсоңчу.*

**КӨШӨКӨРЛӨН** Бирөөгө кошомат кылып жагынуу.

**КӨШӨКӨРЛӨНҮҮ көшөкөрлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨШӨКӨРЛҮК** Кошоматчылык, бирөөгө жагынуучулук.

**КӨШӨР** Көктүк кылуу, көгөрүү, өз билгенинен кайтпоо, өжөрлөнүү. *Нурбүбү көшөрүп, баягы калыбынан жазбай, суз мелтиреөдө* («Ала-Тоо»).

**КӨШӨРМӨ** Көшөргөн, көктүк кылган, өжөрлөнүп, өз билгенинен кайтпаган. *Өсөрдүн ушундай көшөрмө жайы да бар* (Сасыкбаев).

**КӨШӨРҮҮ көшөр** этишинин кыймыл атоочу.

**КӨШҮ** Бүткөн бою магдыраган, балкыган, тынч алып мемиреген же уйкусурап каалгыган абалда болуу. *Жайдын ысык чилдесинде көшүп жатып уктап кетиптирмин* («Ала-Тоо»).

**КӨШҮЛ көшү** этишинин туюк мамилеси.

**КӨШҮЛТ көшүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨШҮЛҮҢКҮ** Мемиреген тынч, бейкут абалга, көрүнүшкө карата айтылат. *Таңга маал көлдүн бети ак кардуу бийик тоолорго жарашып, көшүлүңкү тартып жатты* (Сасыкбаев).

**КӨШҮТ көшү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КӨШҮҮ көшү** этишинин кыймыл атоочу.

**КРАБ** *зоол.* Он буттуу деңиз чаяны.

**КРАН I** Газды же суюктукту агызып алуу үчүн жасалган түтүкчө.

**КРАН II** Оор нерселерди көтөрүү же бир жерден экинчи жерге жылдыруу ишин аткарган машина.

**КРАТЕР** Жанар тоонун төбөсүндөгү лава атылып чыгуучу оюк.

**КРАХМАЛ** 1. Көпчүлүк өсүмдүктөрдүн жашыл бөлүктөрүндө (картошкада, данда ж.б.) пайда болуп, майда данчалар түрүндө сакталуучу өзгөчө составдуу углевод. 2. Айрым өсүмдүктөрдүн составынан алынып,

тамак, химия, текстиль өнөр жайларында пайдалануучу даамсыз ак порошок. *Картошка крахмалы. Жүгөрү крахмалы. Буурчак крахмалы.*

**КРЕАТУРА** Колунда бийлиги же байлыгы бар адамдын колдоосу менен ишти башкарган жана ошол адамдын айтканынан чыкпаган киши.

**КРЕДИТ** 1. Акчаны же товарды карызга берүү. Насыя. *Узак мөөнөттүү кредит. Кыска мөөнөттүү кредит. Мекемеге кредит ачуу.* 2. Белгилүү бир чыгымдарга бөлүнгөн акча суммасы. *Саламаттыкты сактоого берилген кредиттер.*

**КРЕДИТОР** Акчаны же товарды бирөөгө карызга берүүчү адам же мекеме.

**КРЕДО** Дүйнөгө көз караштын баяндалышы, программасы, ишенимдин символу.

**КРЕЙСЕР** Күчтүү артиллериялык, торпедалык жана мина жабдуулары бар, чалгындоо, күзөтүү кызматына жана активдүү согуш аракеттерине колдонулуучу тез жүрө турган ири согуш кемеси. *Оор крейсер. Жеңил крейсер.*

**КРЕМ** 1. Таттуу токоч, торт даярдоо үчүн каймак, сүт, жумуртка, шире ж.б. кошулуп жасалган таттуу кошунду. *Кремдүү торт. Кофе креми. Ваниль креми. 2.* Бети-колду агартуу, жумшартуу үчүн колдонула турган косметика майы. 3. Булгаарыдан жасалган бут кийимдерди тазалоо, майлоо үчүн колдонулуучу өтүк май.

**КРЕПДЕШИН** Жука токулган жибек сыяктуу кездеме.

**КРЕПОСТНОЙ** 1. Помещикке өзүнө караштуу дыйкандарды эрксиз иштетүүгө, анын керт башына жана мүлкүнө да кожоюндук кылууга укук берген коомдук түзүлүшкө таандык. *Крепостной чарба.* 2. Ошондой коомдук түзүлүштүн убагында колдонулган укуктун негизинде помещикке тийиштүү, караштуу болгон (дыйкандарга же алардан чыккан башка адистеги адамдарга карата айтылат). *Крепостной дыйкандар. Крепостной артист. Помещиктер крепостнойлорго кандай кордук көрсөтпөгөн* (Сасыкбаев).

**КРЕПОСТНОЙ УКУК** Помещиктин өз карамагындагы дыйкандардын керт башына, эмгегине, мүлкүнө кожоюндук кылууга акылуу болгон укугу.

**КРЕСЛО** Эки чыканакты сүйөп отурууга ылайыкталып жасалган чоң, кенен орундук. *Начальник жумшак креслого барып олтура кетти* (Баялинов). *Булгаары креслого ыңгырана тартып отура кетти* (Шимеев).

**КРЕСТ** 1. Христиандардын моюндарына тагынуучу фигура. 2. Христиандардын мүрзөсүнүн үстүндөгү белги.

**КРИЗИС** 1. Каатчылык. 2. Экономикалык кырсыктын белгилүү көрүнүшү. *Өндүрүштүк кризис. Агрардык кризис.*

**КРИМИНАЛИСТ** Криминалистика жагынан адистиги бар адам.

**КРИМИНАЛИСТИКА** Кылмыш иштеринин (кылмыштуулардын) методикасын, тактикасын жана техникасын изилдеп билүү, табуу жагын үйрөтүүчү юридикалык окуу.

**КРИМИНОЛОГИЯ** *укук* Кылмыштын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдерин, кылмыштуулукту алдын алуу чаралары жөнүндөгү илимдин системасын, кылмыштуулукка байланышы бар процесстерди жана коомдук көрүнүштөрдү изилдөөчү илим.

**КРИСТАЛЛ** Табигый түрдө көп кырдуу формага салынган катуу зат. *Туз криссталлдары. Алмаз кристаллы. Муз кристаллы.*

**КРИТЕРИЙ** Бир нерсеге баа берүү, кандай экендигин аныктоо, түрлөргө ажыратуу ж.б. үчүн негиз болуучу белги, чен. *Массалар менен күндөлүк ишкердүү байланыш жасоо ар бир жетекчинин ишин баалоодогу олуттуу критерий болууга тийиш.*

**КРОВАТЬ керебет** менен бирдей.

**КРОКОДИЛ** Тропикалык өлкөлөрдүн саздак, көлмө жерлеринде жашоочу, калың кабырчыктуу териси бар, сойлоп жүрүүчү ири жырткыч жаныбар.

**КРОСС** Жолсуз, өнгүл-дөңгүл жер менен жүрүүчү спорттук жарыш. *Лыжа кроссу. Мотоцикл кроссу.*

**КРОССВОРД** Торчолорду тийиштүү тамгаларга толтуруу аркылуу белгилүү сөздөрдү таап окуп чыга турган баш катырма.

**КРУГОЗОР** Бирөөнүн акыл-эс, зээндүүлүк, түшүнүк жагынан болгон жөндөмү. *Балдардын кругозорун кеңейтүү маселесин эстен чыгарбоо керек* («Кыргызстан аялдары»).

**КРУЖКА** Формасы стакандай болгон туткалуу кичине идиш. *Тунуке кружка. Алюминий кружка. Кыз сууну кружкага толтуруп жатты* (Сасыкбаев).

**КРЫМ** *туурасы:* **хром.** *Крым өтүк.*

**КСЕРОКОПИЯ** Ксерография аркылуу алынган бир нерсенин көчүрмөсү.

**КСЕРОФИТТЕР** Кургакчыл, суусу аз жерде өсүүгө ылайыкташкан, ысыкка чыдамдуу өсүмдүктөр.

**КУБ** 1. *мат.* Ар бир капталы бирдей квадрат болгон алты жактуу геометриялык фигура. 2. Бир санды өз-өзүнө үч мертебе көбөйткөндөн келип чыккан сан, сандын үч эселенген суммасы. 3. *сүйл.* Кубометрге барабар болгон көлөм чени.

**КУБА** 1. Агыш, бозомук. *Куба жигит. Куба кой. Куба тайган.* 2. Бозоргон, кууураган, эч нерсе өспөгөн. *Кечеги куба жалпак чөл, Бул күнү кыштак салынды* (Бөкөнбаев). *Кыпылдап аштык эчен куба белди* (Маликов).

**КУБА ЖҮЛҮН** Кубарган, кубарыңкы, агыш. *Татыбектин куба жүлүн өңүндө көп жылдан бери чечилбеген сырдуу кайгы тургансыйт* (Байтемиров). *Сыякан жапалдаш бойлуу, орто жашаган куба жүлүн аял*

(Байтемиров). *Куба жүлүн, күлүң көз келинге астыртан көз ымдайт* («Чалкан»).

**КУБА ТӨБӨЛ I** Башы да, аягы да эмес, орточо.

**КУБА ТӨБӨЛ II** Ашыкча бапестебей, эркелетпей, бышыктырып, тотуктуруп (өстүрүү, чоңойтуу, тарбиялоо). *Куба төбөл өстүрдүм курч болотко тең болот* (фольк). **В.: Боз төбөл.** *Анчалык кооз көйнөк кийүү мындай турсун боз төбөл кийинүүгө да жетпеген кез болбодубу* («Ала-Тоо»).

**КУБААР** *туурасы:* **кубар I.** *«Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы» – деген* (Жантөшев).

**КУБАКАЙ** Өңү кубарыңкы, бозомук, куба. *Арыкчырай кубакай Акийма алда немени эстегенсип улутунду* (Сыдыкбеков). *Иранын жука, кубакай бетинен таңдануу-ну байкайсың* (Бейшеналиев).

**КУБАКТАП** Бозомуктап, бозомук тартып. *Бөксөдө бөрү кубактап, Жел куюндай чабыттар* (Молдо Кылыч).

**КУБАЛА** 1. Жетүү үчүн артынан жүгүрүү, артынан кууп алуу, жетүүгө аракет кылуу. *Табылды кирди кубалап, Чалкалмактын соңуна* («Эр Табылды»). *Сопу бийдин кара буурасы Токтогулду кубалап келип жарга камады* (Токомбаев). *Кубалап бирин-бири толкундар да, Токтошту тыңшачудай цемент жарга* (Токомбаев). *Дөңгөлөгү бирин-бири кубалап, Бөктөргөлүү велосипед чуркады* (Токомбаев). *Күндөр күнду кубалады ченемсиз* (Токомбаев). // 2. Бирөөнүн же бир нерсенин артынан түшүү, калбай аракет кылуу, иликтеп отуруу. *Колуңан келсе кубалап, Манаптардан кунун ал* (Тоголок Молдо). 3. Кууп жиберүү, айдап жиберүү, четтетүү. *Ат чабым алыс кубалайт, Башыңа келген багыңды* (Шүкүрбеков).

**КУБАЛАТ кубала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАЛАШ кубала** этишинин кош мамилеси.

**КУБАЛЖЫН кубакай** менен бирдей.

**КУБАЛОО кубала** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБАН** Кубанычта болуу, сүйүнүү, шаттануу, көңүлү көтөрүлүү. *Асыл Сапардын келгенине кубанды* (Сасыкбаев). *Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат* (макал).

**КУБАНДЫР кубан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАНТ кубан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАНУУ кубан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБАНЧ кубаныч** менен бирдей.

**КУБАНЫЧ** 1. Кубануу сезими, сүйүнүп, көңүлү көтөрүлүп шаттангандык. *Адылдын келиши Анархан менен Дарыяхан үчүн эбегейсиз кубаныч болду* (Жантөшев). *Мамбеткул Ашым алып келген жаңылыкты кубаныч менен укту* (Каимов). *Мени кубанычка бөлөгөнү акчанын калдырганы эле* (Усубалиев). *Айтматов бар Аалам толук көрүнчү, Ар аткан таң Кубаныч деп сөгүлчү* (Акматалиев). 2. Жакшы көргөндүгүн, кубануу сезимин, мээримин билдирүү иретинде балага карата колдонулат. *Жок эле менден башка кубанычы, Кайгырса жүрөгүнө медер кылар* (Абдыраманов). *Оо, менин кубанычым, аман-эсен келдиңби, садага!* («Ала-Тоо»).

**КУБАНЫЧТУУ** 1. Кубанычы бар, көңүлү шат, сүйүнүчтүү. *Урумкан эне чоң жумуш аткарганына кубанычтуу* (Бейшеналиев). *Үйдө отургандардын бардыгы кубанычтуу эле* (Жантөшев). *Керкибай үйүнө өтө кубанычтуу кайтты* (Каимов). *Эл арасы кубанычтуу күүлдөй түшүштү* (Жантөшев). 2. Кубандырган, сүйүндүргөн, кубанууга себепкер болгон, кубандыра турган. *Турдубек кубанычтуу кабарды билдирип, кызылдардын жайын айтты* (Жантөшев). *Айтып кармат шертиңди, Кубанычтуу кеп менен* («Олжобай менен Кишимжан»). 3. Кубанычка баткан, кубангандыгын, сүйүнүп жатканын билдирген. *Ражабдын кубанычтуу үнү угулду* (Абдукаримов). *Алардын арасында жандуу кыймыл, кубанычтуу күлкүлөр пайда болду* (Жантөшев). *Жаштар арасына кубанычтуу кыймыл, шыңкылдашкан шыбыр-күбүр пайда болду* (Жантөшев).

**КУБАНЫЧЫ КОЙНУНА БАТПОО** Аябай сүйүнүү, катуу кубануу, өтө кубанычта болуу. *Чолпондун иши оңунда болгонго кубанычы койнуна батпай, жүрөгү элеп-желеп* (Байтемиров). *Кубанычы койнуна батпай, ар кайсы жерге бир тийип жүгүрүп жүрөт* («Чалкан»). *Зууранын кубанычы койнуна батпай келинине жалбарып, бетинен өпкүлөйт* (Сыдыкбеков). **В.: Кубанычы койнуна сыйбоо.** *Кубанычым койнума сыйбайт, азыркы таалайлуу заманыбызга ыраазымын* («Ала-Тоо»). *Жапардын кубанычы койнуна сыйганы жок* (Баялинов). **Кубанычы койнуна толуу.** – *Кубанычы койнуна толгон Мукаштын жүрөгү дикилдеп аптыгат* (Эсенканов). *Нурматтын көңүлү көтөрүлүп, кубанычы койнуна толду* (Жантөшев). **Кубанычы маңдайына батпоо.** *Кубанычы маңдайына батпай, сыймыктанып келе жатыптыр* (Айтматов). **Кубанычы жерге батпоо.** *Кубанычы жерге батпай жүрөк толкуйт, Андыктан келген элем сүйүнчүлөп* (Байтемиров). **Кубанычы ичине сыйбоо.** – *Кубанычы ичине сыйбаган абышка өзүнчө күбүрөп, тизгин какты* (Жапаров). **Кубанычы ичине батпоо.** *Кубанычтары ичине батпаган балдар арабага толушуптур* (Осмоналиев). **Кубанычы денесине сыйбоо.** *Тоголок Молдо кудуңдөп, кубаттанып, кубанычы денесине сыйбай, сүрдүү жооп-*

*туулукту сезгендей көрүнүүдө* (Бейшеналиев). **Сүйүнүчү койнуна батпоо.** *Сүйүнүчү койнуна батпаган Оросул начальник кеткенден кийин бажаңдап ар нерсени сүйлөдү* (Осмоналиев). **Кубанычы көөдөнүнө батпоо.** *Тууган жер көз алдыга келет, Кубанычым көөдөнүмө батпайт* (Өмүрбаев).

**КУБАҢ** Кубарган, саргыч тарткан. *Күз мезгили кубаң тарткан, Бүр күбүлүп дарактан* (Бөкөнбаев).

**КУБАНДА** 1. Кубаруу, түсү бозоруп, кубарып кеткендей көрүнүү. *Кубаңдаган сур булут.* 2. *өт.* Куйтулануу, куулануу. *Убара болуп жүрөсүң, Кубаңдаган куу сакал* (Тоголок Молдо).

**КУБАР I** Түпкү ата-баба. *Кубарыңдын куу чокусу! Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы!*

**КУБАР II** 1. Купкуу болуу, кумсаруу. *Бугимовдун өңү кубарып, эки таноосу кыпчыла баштады* (Сасыкбаев). *Ак сүтүн берген энекең, Азабың тартып кубарган* (Токтогул). *Татыбектин кан-сөлү качып, өңү кубарган* (Байтемиров). 2. Жашыл, көк өңү өчүп, куураган, саргайган түскө келүү. *Күңгөйлөрдүн чөптөрү кубарып турат* (Жантөшев). *Улуу-Чаттын тоолору чөп чыкпагандай кубарып, мурдагы өңү өчкөн тура* (Жантөшев). 3. Агаруу, ак түшүү (чач, сакал-мурутка карата айтылат). *Капкара мурут-сакалым, Кыроо түшүп кубарды* (Осмонкул).

**КУБАРТ кубар II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАРУУ кубар II** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБАРЫ** Жети атанын бешинчиси: 1 – ата, 2 – чоң ата, 3 – баба, 4 – буба, 5 – кубары, 6 – жото, 7 – жете. *Кубары кыргыз кутуруп* («Манас» С.К.).

**КУБАРЫҢКЫ** Кубаргансыган, кубарып бараткан. *Коңур күз, сары талаа кубарыңкы, Бүркөлүп күндүн көзү тунарыңкы* (Шимеев).

**КУБАТ** 1. Кыймылы, жүргөн-турганы же жалпы эле ден соолугу тың, кайраттуу экендигин билдирген абал, дарман, дем, адамдын же жаныбарлардын физикалык энергиясы. *Сизди багууга кубатым келет* (Байтемиров). *Чапан алып берүүгө, Менде кубат болбоду* (Осмонкул). *Кандайдыр бир кубат мени Лизага жакындата баштады* (Жантөшев). *Ивановдун кубаты кетип, көздөрү тунара баштады* (Жантөшев). *Уруя бирдеме айтайын десе, кубаты жетпеди* (Байтемиров). *Уйку организмди эс алдырып, ага жаңы кубат берет* («Ден соолук»). 2. Көңүлүн көтөргөн, кубандырган, кайрат, дем берген деген мааниде балага же кимдир бирөөгө карата айтылат. *Сатылган менен Бурманын чечекейи, кубаты жалгыз баласы Токтогул эле* (Токомбаев). *Күч-кубатым артымдагы калың эл* (Нуркамал). *Кулчоро келер бекен деп, Кубат кылып жүрөмүн* («Сейтек»). 3. **энергия** менен бирдей. *Көрүк электр кубаты менен иштетилип жатат* (Сасыкбаев).

**КУБАТСЫЗ** 1. Күч-кубаты, дарманы начар, алсыз, чабал. *Кубатсыз адам. Кубатсыз болуу.* 2. Тойгузууга, кубат берүүгө жарамсыз, күчү жок, аш болумдуу эмес (тамакка, тоютка карата айтылат). *Кубатсыз оокат. Кубатсыз тоют.*

**КУБАТТА** Жактоо, туура деп эсептөө, кошулуу. *Керез да жөн тура албай курбусун кубаттады* (Бейшеналиев). *Абыл баш ийкеп, Өмүштүн айткандарын кубаттап отурду* (Байтемиров).

**КУБАТТАЛ кубатта** этишинин туюк мамилеси.

**КУБАТТАН** 1. Кубат кирүү, күчтөнүү, алдануу, кайраттануу. *Оорудан айыккандан кийин Жакып көпкө кубаттана албай жүрдү* («Ала-Тоо»). 2. Көңүлү көтөрүлүү, демденүү, жигерденүү, шыктануу. *Кебек карыянын сөзүнө кубаттанган Батыш бүгүн жакшы уктады* (Байтемиров). *Кыйынчылыкка кезиккенде Жылдызкан энесинин сөзүн ойлоп кубаттана турган* (Байтемиров). *Тынчтылыктан кубаттанып, Колхоз айылы шаңданды* (Маликов).

**КУБАТТАНДЫР кубаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАТТАНТ кубаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБАТТАШ кубатта** этишинин кош мамилеси.

**КУБАТТОО кубатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБАТТООЧУ** Кимдир бирөөнүн ой-пикирин, сунушун ж.б. кубаттап, жактап сүйлөөчү, ага кошулуучу.

**КУБАТТУУ** 1. Күч-кубаты мол, алдуу, кайраттуу, тың. *Карыя али жаш, али кубаттуу* («Ала-Тоо»). *Кулбаштын дени соо, күч-кубаттуу* (Абдукаримов). 2. Алсыз эмес, дүркүрөп жакшы өнүккөн (өсүмдүк, бак-дарак жөнүндө). *Гозо тегиз, толук кубаттуу болуп өсүп чыкты* («Кыргызстан аялдары»). 3. Бийлик, мансап же оокат, байлык жагынан алдуу, колунда бар, турмушу мыкты, тың. *Кубаттуулар кутуруп, Кишинин күчүн жалдаган* (Токтогул). 4. Экономика, техника, илим-маданият ж.б. жагынан күчтүү өнүккөн, өркүндөгөн.

**КУБАТТУУЛУК** 1. Кубаты, күчү бар экендик. *Мамлекетибиздин кубаттуулугун дагы бекем чыңдайбыз.* 2. *тех.* Бир нерсени аткарууга, иштөөгө, өндүрүүгө же кыймылга келтирүүгө жөндөмдүү болгон күч. *Электр тогунун кубаттуулугу. Кыймылдаткычтын кубаттуулугу. Үстүбүздөгү жылы кубаттуу- лугу 420 киловатт келген ГЭС пайдаланууга берилди* («Ала-Тоо»).

**КУБАТУРА** Бир нерсенин кубдук чен менен белгиленген көлөмү. *Комнатанын кубатурасы.*

**КУБИК** 1. *сүйл.* Көлөм ченин билдирүүчү куб сантиметри. 2. Жыгачтан куб формасында жасалып, ирети менен тизилүүгө тийиш болгон, бетинде сүрөтү же ариптери бар балдар оюнчугу. 3. Куб формасындагы кичинекей нерсе. *Төшүндө орден, жакасында үч кубик* (Нуркамал).

**КУБОК** Спорттук мелдеште жеңип чыккандарга байге катары берилүүчү ваза, идиш. *Калган оюндардын бардыгынан биринчи орунду алып, кубокко ээ болдук.*

**КУБОМЕТР** Ар бир жагы метрге барабар болгон алты жактуу көлөмдүн чени. *Эки кубометр отун.*

**КУБРИК** 1. Кеменин командасы жашоого арналган бөлмө. 2. Парустуу чоң кеменин төмөнкү палубасы.

**КУБУЛ** 1. Башка көрүнүшкө, түргө айлануу, өзгөрүү. *Чалкуйрук тулпар кубулуп, Сака болуп калды эле* («Эр Төштүк»). *Каны тамган кызыл жүз, Карганда калат кубулуп* (Осмонкул). 2. Түрдөнүү, ар түрдүү түстө болуп туруу, кулпунуу, кулпуруу. *Жайкалып жашыл шибер миң кубулган* (Үмөталиев). *Тоту куш кооз көрүнөт, Миң кубулган жүн менен* (Осмонкул). 3. Кубулжуу, кулакка жагымдуу угулуу. *Ырдасам кантет кубулуп* (Маликов). *Мукамдуу сөзү кубулуп, Булбулдай бакта сайраган* (Осмонкул).

**КУБУЛЖУ** 1. Үн, күү ар түркүн болуп кубулуп чыгуу, уккулуктуу болуу. *Мусанын кубулжуган обону угулду* (Каимов). *Комузду коштоп кубулжуйт, Коңур күүсү кыяктын* (Бөкөнбаев). 2. Өзгөрүү, башкача болуп кубулуу. *Уккан жерден чоронун Кубулжуп түсү бурулду* («Семетей»). 3. Жакшынакай, кооз көрүнүштө болуп кулпуруу, кулпунуу, түрдүү түстө болуп кубулуп туруу. *Кубулжуйт желге чөптөрү* (Маликов). *Жайып салса кубулжуган жибегин...* (Токомбаев). *Олтургандардын көбүнүн көзү кызыл гүлдөй кубулжуган келинде эле* (Жантөшев).

**КУБУЛЖУТ** **кубулжу** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБУЛЖУУ** **кубулжу** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБУЛМА** Бир калыпта болбой, өзгөрүлүп, кубулуп турма. *Кубулма адам.*

**КУБУЛМА ТАШТАР** Монумент-жасалга жана турмуштук буюмдар көркөм өнөрүндө – зергердик жана жасалгалык предметтерди өндүрүп чыгарууда, имараттарды кооздоодо колдонулуучу асыл, жарым баалуу, түстүү таштар. *19-кылымдын биринчи жарымында Россияда кубулма таштардан көркөм беттеме, зор кумура ж.б. көркөм өнөрү өзүнүн эң жогорку өнүгүүсүнө жеткен.*

**КУБУЛТ** **кубул** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУБУЛУУ** **кубул** этишинин кыймыл атоочу.

**КУБУЛУШ** Жаратылыштын, коомдун же кандайдыр бир заттын, нерсенин өзгө-рүүсүнөн, кыймылынан, өсүп-өнүгүүсүнөн ж.б. келип чыккан көрүнүш. *Жаратылыштын кубулуштары. Метеорологиялык кубулуштар. Химиялык кубулуштар. Заттардын физикалык кубулуштары. Тилдик кубулуштар.*

**КУБУР** 1. Карапа түтүк. 2. Темир түтүк. 3. Жалпы эле суу жүргүзгүч түтүктөр.

**КУДА** Күйөө менен келиндин аталарынын же алардын агайын-туугандарынын бири-бирине карата аталышы, жакындыгы. *Атабек куданын айтканы айткан болсун* (Жантөшев).

**КУДА БАШЫ** Куда болуп келгендердин башчысы, аксакалы.

**КУДА КААЛАСА** **Кудай каалаcа.**Кудай буюрса. *Мына эми, куда кааласа, арзыган көгүчкөнүңдү колуңа салам!* (Үмөталиев). *Куда кааласа, жакында аны да алабыз* (Акматов).

**КУДА ТҮШҮҮ** *же* **куда болуу** Жигиттин ата-энеси болочок келининин ата-энесине мал жана башка буюмдарды алып барып, алардын макулдугун алып, баш байлоо кылып коюу. *Ыбыке кыздын сыртынан куда түшөт* (Элебаев). *Үч багыштын Байназар, Кишимге куда болду эми* (Үсөнбаев).

**КУДАА** **кудай** менен бирдей.

**КУДАГЫЙ** Күйөө менен келиндин энелеринин, чоң энелеринин, жеңелеринин бири-бирине карата аталышы, кудагыйлык жакындыгы. *Эртең той түшөт, кудалар, кудагыйлар келишет* (Жантөшев).

**КУДАЙ** *дин.* Бүт дүйнөнү жаратуучу, башкаруучу, Эгем, Алла. *Кудай берсе тилекти, Кубантабыз жүрөктү* («Эр Табылды»). *Кудай жалгыз, куран чын* («Манас» С.О.). *Сактаса Кудай эрки бар, Калкымды барып көрөмбү* (Казыбек).

**КУДАЙ АЙДАП КЕЛҮҮ** Күтүлбөгөн жерден, кокусунан керектүү, пайдалуу адамдын келип калышы. *Элдин ырысына буларды Кудай айдап келген экен, – дейт кара сакал баж-баж эте төшүн дагдаңдатып* (Ашымбаев).

**КУДАЙ АКЫ** Бир нерсенин чындыгын ырастоо, далилдөө, бекемдөө иретинде колдонулат. *Кудай акы, калыс айттың чыныңды* (Токомбаев). *Кудай акы, андай акча жок эле, – деп Момун жүдөдү* (Айтматов).

**КУДАЙ АЛГЫР** Бирөөгө наразылыгын, жаман көргөнүн билдирүүдө, жактырбоо, жемелөө маанисинде наалат катары колдонулат. *Кудай алгыр, колунан келбегенден кийин андай ишке кийлигишип эмне кылат экен* («Ленинчил жаш»). **В.: Кудай аткыр.** *Кудай аткырды ымтырабай тыңыраак бол десең болмок экен* («Ала-Тоо»). *Кудай аткырды эми мен эмне кыларымды билбейм* (Саа-

тов). **Кудай албагыр.** *Тел музоодой болгон күйөөсүн айтсаң, ар-намысы жок кудай албагыр* (Бердикеев). **Кудай алкагыр.** *О, Кудай алкагыр мынча эмне жоголдуң?* («Ала-Тоо»). – *Кудай алкасын сени балам. Кадырлап көөмп коёр киши чыгар, эми өлүм мени коркута албайт* (Айтматов). *Э, кудай алкагыр! Сага эмне болуп кетти! Бала-чака болбогондон кийин өз жөнүң менен жүрбөйсүңбү* («Ала-Too»).

**КУДАЙ АЛКАГЫР** *к.* **Кудай алгыр.**

**КУДАЙ АЛСЫН** 1. Бирөөнү жактырбоо, кылган ишин, кылык-жоругун туура көрбөө катарында айтылат. *Э, ошону Кудай алсын, качан болсо эл көңүлүн эптеп өзүнө буруш үчүн бир балээни айта берет* (Айтматов). *Ошолорду кудай алсын, алар жүргөн жер оңмок беле* (Эралиев). 2. Кандайдыр бир иштин оңой, эчтемеге турбаган, арзыбаган бирдеме экендигин билдирүү үчүн айтылат. *Аны Кудай алсын, мен эле таап берейин. Чечимди Кудай алсын, эми эле боло калат* («Ала-Тоо»). *Кудай алсын ошону, анын милдетин мага коюңуз, – деп бажаңдай кетти алиги жигит.*

**КУДАЙ АМАН** 1. Өзгөрбөстөн бир калыбында, башта кандай болсо ошондой. 2. *өт.* Эч өзгөртүү киргизилбеген, кол тийбеген, иштелбеген. *Ал иш ошол бойдон, кудай аман турат колго алынбай, – деди Айнура эже.*

**КУДАЙ АТКЫР** *к.* **Кудай алгыр.**

**КУДАЙ БАРДЫР** Бирөөгө ныаразы болгондо же анын ишин, жорук-жосунун, айткан кебин ж.б. оң көрбөй, басынтуу, баркын төмөндөтүү, Кудай жазасын берээр деген мааниде колдонулат. *Кудай бардыр, куу Кыяз* («Семетей»). *Кудай бардыр бул кемге, мунун чиренгенин көр* («Чалкан»).

**КУДАЙ БЕЗЕР** Өтө шум, ашкан митаам. *Кудай безер паччагар, Түбүң залим турбайбы Советтин соту менмин деп, Пара жеп сотту булгайбы!* (Бейшеналиев).

**КУДАЙ БЕТИН САЛБАСЫН** Кандайдыр бир нерсенин адам таң калгандай сапатын, жөнүн баса көрсөтүп, күчөтүп айтууда колдонулат. *Боз ала желек, кызыл туу, Кудай бетин салбасын, Бойбойлогон ызы-чуу* («Манас»). *Кудай бетин салбасын, район тополоң эле түшүп калды* (Абдукаимов). **В.: Кудай бетин көрсөтпөсүн.** *Кудай бетин көрсөтпөсүн, адам даап бара албайт* (Даникеев). *Кудай бетин көрсөтпө, бир жолу атчан элем, зорго качып кутулгам* (Касымбеков). *Мурдагыдан бешбетер чаңырып коё берди дейсиң, кудай бетин көрсөтпөсүн* (Айтматов). **Кудай бетин көргөзбө.** *Бирок, жаман жери кышта чилде киргенде кудай бетин көргөзбө, чилденин каары менен бууранын каары төп келишип калышат* (Айтматов).

**КУДАЙ БИЛЕТ** Арсар, али белгисиз, болжолдуу нерсе. *Анын келер-келбесин кудай билет, бирок бүрүшкөн бечара саргарып күтө берди да, жедеп аргасы түгөнгөндө козголду* (Бейшеналиев).

**КУДАЙ БУЮРСА** Бардык иш Кудайдан, Кудайдын буйругу болсо, ошол нерсе жазылган болсо, Кудай ыраа көрсө деген мааниде. *Бар Кудайым буюрса* («Манас» С.О.).

**КУДАЙ ДЕШКЕН** Антташкан, өтө жакын, ынак. *Анда мен баламды сиздин балаңыз менен Кудай дешкен дос кылабыз* (Тойбаев).

**КУДАЙ ЖАЛГАП** Иш оңунан чыгып, ондой берди болуп. *Бөлмө ичине элеңдеп карадым. Кудай жалгап, эч ким жок экен* (Казакбаев). *Кудай жалгап, анын келе калганы олжо болуп, жакшы сунуш киргизди* («Кыргызстан маданияты»).

**КУДАЙ ЖАЛГАСЫН** Көбүнчө бирөөгө ыраазы болуу же келиндерди алкоо маанисинде колдонулат. *Өмүрүң узун болсун! Кудай жалгасын! Соап иш кылдың, ишиң оңолсун!* (Медетов). *Балам, кудай жалгасын! – деген сөздөр таятасынын оозунан чыкканын бала ишене албай укту* (Айтматов). **В.: Теңир жалгасын!** *– А-а, айланайын балам. Сага чоң рахмат! Сени теңир жалгасын! Эми биз кайталы, келе колуңду бер, азаматым!* («Ала-Тоо»). **Кудай жалгагыр!** *Ай, кудай жалгагыр, уулуңду таап келчи* (Тойбаев). – *Ой, – деди жалынгандай күбүрөй, – энеми капа кылбай, деги эле эчтеме болбогондой кашкайып, барчы, кудай жалгагыр, ай...* (Касымбеков). **Кудай тилегиңди бергир!** *Кудай тилегиңди бергир, жаныңда ишенимдүү жигиттериң бар тура!* (Медетов).

**КУДАЙ КААРЫ** Бирөөгө наалат айтуу, тилдөө маанисинде колдонулат. *– Оо, Кудай каары түрүң кантет, карангүн! – деп чоң эне баланын бети-колун тазалай баштады* («Ала-Тоо»).

**КУДАЙ КУТ КЫЛСЫН** Буюрсун, ушул эле жетишет, мындан көптүн кереги жок деген мааниде каниет кылгандыкты, ыраазы болгондукту билдирүүдө колдонулат. *Алдыңа кетейиндерим! Айта берсе биздин жомок түгөнөбү... Эми силердин ушунуңарды Кудай кут кылсын!* (Өмүрбаев). **В.: Кут кылсын.** *Курманбекке кут кылсын, Канышай жалгыз баламды* («Курманбек»). **Кут болсун.** *Сыйлыгыңар кут болсун деп, отургандар бизди куттуктай кетишти.*

**КУДАЙ МОМУН** Абдан жоош, эч нерсе менен иши жок, кой оозунан чөп албаган. – *А койчу, а киши Кудай момун киши го, – Калый жымың этип күлүп койду* (Жапаров). **В.: Кудайдын боз кою.** *Өзү да кудайдын боз кою дешип аяп жүрүшту* (Айтматов). **Кудай урган.** Начар, жаман. *Ал ошондой кудай урган, билгени ошол да* («Чалкан»).

**КУДАЙ-ТЕҢИРИН ТААНЫБАЙ КАЛУУ** Дөөгүрсүп көөп кетүү, дардалактап эч нерсени көзүнө илбөө, теңине албоо. *Баягы Калман деле Кудай-теңирин тааныбай калды* (Эле-

баев). *Шарше Кудай-теңирин таанымбай, туш келгенде опурулуп, каяша айтканды сабачудай демитет* (Сыдыкбеков).

**КУДАЙ УРГАН ЖЕРДЕ** Эч болбогондо, эң эле жок дегенде, айласы кеткенде. *Кудай урган жерде да ошол колуман келмек* («Ала-Тоо»). **В.: Кудай урса да.** *Кудай урса да аны аткарат, андан кам санаба.*

**КУДАЙ УРСУН** 1. Актануу, чындык экендигине ишендирүү маанисиндеги каргануу. *Кудай урсун! Мен өзүм көрдүм. Кудай урсун, тийген жокмун. Кудай урсун, барган жокмун. Ушу жакшылыгыңды унутсам, кудай урсун* (Бердикеев). 2. Жемелөө, ачууланyу иретинде колдонулат. *Сени кудай урсун! Ушундай да иш кыласыңбы?* **В.: Куран урсун!** *Ооз айыбымды тартайын, кагылайын жеңеке. Куран урсун! Буларды кой де* (Сыдыкбеков). **Кудай-теңир урсун!** *Кудай-теңир урсун, ошондогу мен көргөн кичинекей кагаз дал ушул болчу, – деп Ашырбек жанын сабайт* (Акматов).

**КУДАЙ УРУУ** Жаман ишке, кырсыкка дуушар болуу маанисин билдирүүдө колдонулат. *Карыганда муну Кудай урган тура* (Турусбеков). *Мени Кудай уруп таштады. Муну кайсы Кудай уруп жүрөт.*

**КУДАЙ ЭСЕБИНДИ ТАПКЫР** Жек көрүү, каргоо маанисинде колдонулат. – *Ата-а бечара ай-э! Кудай эсебиңди тапкыр! Алиги аракеч ит жедеп эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!* (Өмүрбаев).

**КУДАЙГА КОЙ** 1. Кудай жазаласын, кудайдын эркине кой маанисинде колдонулат. *Биз сага жамандык издесек Кудайга кой* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөгө наразы болуу, каргоо маанисинде колдонулат. *Бизге кара санасаң, сени Кудайга койдум. Сен ушинтмек белең, акыры Кудайга койдум, башка айтарым жок.*

**КУДАЙГА КОЛУ ЖЕТКЕНСҮҮ** Менменсинүү, кекирейүү, өзүн жогору саноо, текеберчилик кылуу. *Кудайга колу жеткенсип, жаман-жакшыны көзүнө илбей калды* («Чалкан»).

**КУДАЙГА ҮНҮ ЖЕТҮҮ** 1. Абдан катуу кейүү, аябай ачуу үн чыгарып боздоо. *Кудайга үнү жетип чыңыргандай болсо, бечара кыздын жанына адам туралбайт* («Ала-Тоо»). 2. Зар какшап, зыркырап-сыздап тилек кылуу, зарлоо. *Кудайга жетер үнүбүз. Үмүттү үзбөй энеке, Он жыл өлбөй жүрүңүз!* («Семетей»). **В.: Кудайга үнү угулуу.** *Май куйруктун сулп этке Тартып келип жибердн. Кудайга үнү угулуп Көмүргө башы жыгылып* (фольк.).

**КУДАЙГА ШҮГҮР** Ыраазы болуу, алымсынуу, болгонуна канием кылуу маанисинде колдонулат. *Кудайга шүгүр, турмушубуз анча деле жаман эмес, балдар бутуна туруп калды* («Кыргызстан маданияты»). *Кудайга шүгүр, менин уулдарым ушинтип калбаганына шүгүр!* (Абдыраманов). **В.: Кудая шүгүр.** *Кудая шүгүр, баш көтөрүп калды* («Ала-Тоо»).

**КУДАЙГА ЫРААЗЫ** Көңүлү жай, телегейи тегиз, өтө кубанычтуу. *Асыранкул отургандардын бирөөнө жоолук таштап, теңтуш кыздын бетинен өөп койсо эле, кудайга ыраазы* (Сыдыгалиев).

**КУДАЙДЫН КУТТУУ КҮНҮ** Күнүгө, ар күнү, күн сайын.

**КУДАЙЛА** *дин.* Кудайга жалынуу, жалбаруу, тиленүү. *Эки күнү, үч күнү, Кудайладык чуркурап, Не колдобой койду деп* («Манас»).

**КУДАЙЛОО кудайла** этишинин кыймыл атоочу.

**КУДАЙЫ** Бей-бечарага, тилемчиге, думанага кудайга арнап, атап берилген нерсе.

**КУДАЙЫ КОНОК** Бир жакка жол жүрүп баратып конуп өтүүгө кайрылган жолоочу. *Кудайы конокту кондурбай коюшка болбойт* (Сыдыкбеков).

**КУДАЙЫ СУРОО** Кайыр-садага, жардам суроо, тилемчилик кылуу. *Күйүк көмөч, күлчө нан Кудайы кайыр сурадым* (Токтогул).

**КУДАЙЫНДЫ КАРА** Чектен ашып кетпей каниет кыл, тобо де, алды-артынды байкай жүр, эсирип кетпе деген мааниде колдонулат.

**КУДАЛА** Ата-энеси менен макулдашып, куда түшүп, келин кылып ала турган кыздын башын байлап коюу. *Мени эч кимге кудалабай жыйырма тогузунчу жылдын күзүнө жетти* (Жантөшев).

**КУДАЛАТ кудала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУДАЛАШ** Куда болушуу, кудалыкка макулдашуу. *Күрөң жорго ат берип, Кудалашты деп уктум* (Осмонкул).

**КУДАЛАШУУ кудалаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КУДАЛОО кудала** этишинин кыймыл атоочу.

**КУДАЛЫК** Куда жагынан болгон жакындык, кудалардын мамилеси. *Кудалык жөнүн кеңешип, Жакшылап кепти салышты* («Эр Табылды»). *Кыз алышып, кыз берген Кудалыкка кандайсыз?* («Курманбек»).

**КУДАНДА** Ант алышкан, бири-бири менен шерттешкен куда. *Досондонун жаны бир, куданданын малы бир* (макал).

**КУДАЧА** Келиндин эже-сиңдилеринин жана күйөөнүн эже-карындаштарынын бирибирине карата аталышы, кудалык жа-кындыгы.

**КУДУ I** Дал өзү, так ошондой. *Болот куду балыктай сүзүп, бассейндин четине тез эле жетип барат* (Каимов). *Куйругу менен ойногон, Кучүктөй куду аба мас* (Өмүрканов).

**КУДУ II** Бийиктиктен төмөнгө шукшурулуп түшүү, тийүү (канаттууларга карата айтылат). *Карай салса үсту жакта канатын*

*куушурган бүркүт кудуп калыптыр* (Сыдыкбеков). *Кулжалар ашбас куруган тоо, Көкүл! Кудуп бир алып кетейин, Көкүл!* («Эл адабияты»).

**КУДУК** Суу алуу үчүн жердин суулуу катмарына чейин казылган чуңкур. *Терең кудук. Кудук казуу.*

**КУДУКТУУ** Кудугу бар, кудук казылган. *Кумдуу жерге оонаткан, Кудуктуу жерге сугарган* («Манас»).

**КУДУМ куду I** менен бирдей. *Көкүрөгүндөгү седептери кудум тиштери сымак жаркырайт* (Байтемиров).

**КУДУҢ-КУДУҢ ЭТҮҮ** Абдан сүйүнүү, кубануу, кубанычы койнуна батпоо, кумпуңдоо (сүйлөгөнү, күлгөнү же жалпы эле кыймыл-аракети менен ушундай абалды билдирүү). *Бала кудуң-кудуң этип, сүйүнгөнүнө чыдабай үйүн көздөй жүгүрдү* («Ала-Тоо»).

**КУДУҢДА** Аябай сүйүнүү, кубанычы койнуна батпоо. *Кудуңдаган бойдон жүрүп отуруп үйгө кандай жеткенимди да сезбей калыпмын.*

**КУДУҢДОО кудуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУДУРЕТ** 1. Бир нерсени аткарууга, иштөөгө жарагыдай кубат, ал, дарман, аракет кылуу мүмкүндүгү, чама. *Сөз айтууга Миколанын кудурети келе албады* (Баялинов). *Жакшы өтүктү алууга менин кудуретим жетпейт* (Бейшеналиев). 2. *дин.* Кудай, жаратуучу. *Кудуретке жалынып, Куу жолборстой чамынып* («Манас»). *Айланайын, кудурет, Артын өзүң оңдогун* (Казыбек). *Жеткирээр бекен кудурет, Жериме мени батыраак* (Казыбек).

**КУДУРЕТСИЗ** Кудурети жетишсиз, алсыз, кубатсыз.

**КУДУРЕТТҮҮ** Кудурети бар, алдуу-күчтүү, кубаттуу. *Кудуреттүү улуу Октябрь таңында, Өлкөбүздү чулгап алдык гүл менен* (Токомбаев). *Кудуреттүү адамдын колунан келчү иштер* («Ала-Тоо»).

**КУЖУ: кужу-кужу** Бир нече кишилердин кужулдашкан, сөздөрү даана угулбаган дабышын, кептерин билдирүүдө колдонулат. *Кужу-кужу эткен дабыш угулду* («Чалкан»). *Булар эмне кужу-кужу боло тушушту* («Ала-Тоо»).

**КУЖУЛДА** Кужу-кужу этүү, кужулдашуу. *Короонун тушунан кужулдап ойноп жатышкан бир топ жаш балдарды көрүшту* («Кыргызстан аялдары»).

**КУЖУЛДАТ кужулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЖУЛДАШ** Бири-бири менен кужулдап сүйлөшүү, кужу-кужу этип кобурашуу.

**КУЖУЛДАШУУ кужулдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЖУЛДОО кужулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЖУРА кожура** менен бирдей. *Баланын тили эң кызык, Сүйлөп берсе кужурап* (Токтогул).

**КУЖУРЛУУ** Кайраттуу деген мааниде. *Кужурлуу жаны кашайып, Кубалап жандап калыптыр* (Тоголок Молдо).

**КУЗГУН** 1. Тарп жей турган, түспөлү кара карга сыяктуу болгон ири канаттуу. *Какылдап учкан карга жок, Куркулдаган кузгун жок* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Эзүүчү, залим, арам тамак. *Кузгундар кылса чоңдукту, Кедейлер көрсө кордукту, Ушул иши жарайбы* (Токтогул). *Кара кузгун салаңдатып тумшугун, Чыгаргансыйт чырлуу кыздай өз муңун* (Баласагын).

**КУЗГУН КЫК ЧОКУЙ ЭЛЕКТЕ** *к.* **карга бок чокуй электе.**

**КУЗГУНДА** Ташкындоо, көбөйүп, ашыпташып агуу. *Суулар кузгундап, тоз жайылып кеткен* (Жантөшев). *Долу Музарт кузгундап, Күзгү кирген чагы экен* (Турусбеков).

**КУЗГУНДАТ кузгунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЗГУНДОО кузгунда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙ I** Мүнөз, кыял, көрүнүш, кебете, иштин ж.б. кыйшыны, түрү. *Куйю бузук адам. Күндүзү бүркөк түнү ачык, Күндүн куйю бузулду* («Манас»).

**КУЙ II** Жердин жарыгы, чуңкур, аң болуп калган жер, жардуу аң, жер титирөөдөн пайда болгон жарака жер. *Мал куйга кирип кетти.*

**КУЙ III** 1. Суюк же чубурма майда нерселерди агызуу, чубуртуу, идишке же бир нерсенин үстүнөн, ичине төгүп куюлтуу. *Гүлгө суу куй. Колго суу куй. Чыныга чай куй. Ороого эгин куй. 2.* Катуу жаап кирүү, төгүү. *Күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов). *Күрөң булут удургуп, Куйду жамгыр дабырап* (Осмонкул). 3. Куйма суулар өзөнгө, дарыяга, көлгө ж.б. агып келип кошулуу. *Боорунан ала тоонун шылдыр булак, Дегдеңдеп Ысык-Көлгө куят туйлап* (Турусбеков). 4. Эритилген, суюлтулган же жумшак массага окшогон нерсени калыпка салып, белгилүү формага келтирүү, куюлган калыбында катырып коюу. *Ок куй. Кирпич куй. Бетондон куюп бекитип, Үй курдуң жердин алдына* (Осмонкул). *Бул жерди эмгекчи эл мекендеген, Бузулгус чоюн куюп бекемдеген* (Осмонкул).

**КУЙГАН КЫТТАЙ** *к.* **кыт куйгандай.**

**КУЙДУР куй III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЙКА** Баш тери, баштын териси. *Досум куйкасын кашылап, көптөн кийин гана жообунун аягына чыкты.*

**КУЙКАЛА** 1. Күйгүзүү, өрттөө, күйгүзүп жок кылуу, күлгө айландырып салуу. *Үйдөй танкты кенебей Куйкалаган замбирек* (Үмөталиев). 2. Малдын баш-шыйрагын же канаттууларды отко (жалынга) кармап жүнүнөн, түгүнөн тазалоо, жүнүн, түктөрүн күйгүзүү.

*Короздун жүнүн жулуп, куйкалап, тамак жасоого киришти* (Байтемиров). *Башшыйрагын куйкалап, куйкум жыттантып жиберишти* («Ала-Тоо»). 3. Кактап ысытуу, ысык илеби келип туруу. *Күн жаңыдан гана кылтыйса да, аптабы куйкалап турат* (Бейшеналиев). *Купкуу талааны күн куйкалап, ысык илебин чачат* (Шүкүрбеков). 4. *өт.* Ичин күйгүзүү, намысына тийгидей кылуу. *Душманын куйкалаган ошол сөздөр* (Шимеев). *Тантык экен ыры деп, Күйгүзөт ичти куйкалап* (Тоголок Молдо). *Жүрөгүмдү күйгүзүп, Куйкалайсың өзгөчөм* (Барпы).

**КУЙКАЛАН куйкала** этишинин өздүк мамилеси.

**КУЙКАЛАТ куйкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЙКАЛАШ куйкала** этишинин кош мамилеси.

**КУЙКАЛОО куйкала** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙКАСЫ КУРУШУУ** Абдан ачуулануу, кыжыры келүү, кыжырлануу. *Бул сөздү укканда Мырзабектин куйкасы курушуп, буркан-шаркан түшөт* (Баялинов). *Мураталы ого бетер кызарып, куйкасы курушуп, заарканa тыңдады* (Бейшеналиев). *Ачуусу келип, Токтор аксакалдын куйкасы курушуп, заматтын ичинде таанылгыс болуп кетти* (Абдукаримов). **В.: Куйкасы тырышуу.** *Бул жолу чалдын куйкасы тырышкан жок* (Каимов). *Желдеттин куйкасы тырыша түштү* (Бектенов). *Үй боёк жыттанып турушуна Назардын куйкасы тырышты* (Каимов).

**КУЙКУЛ** Саргыч, саргарыңкы. *Куйкул чач. Куйкул сакал. Куйкул мурут.*

**КУЙКУЛДАН** Куйкул тартуу, куйкул болуп көрүнүү. *Түлкү качты камынып, Куйкулданып бермети* (Токомбаев).

**КУЙКУМ** 1. Куйкаланган жүндүн, теринин же башка нерсенин конурсуган жыты. *Шыйрак, баш куйкалап, куйкум жыттанып отурушат* («Чалкан»). *Кан аралаш кебездин куйкуму буруксуйт* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Какшык, кекээр. *Бу кутурган чоронун Куйкуму турат көзүндө* («Сейтек»). *Арзыкулдун куйкум сөзүнө байбиченин ачуусу аябай келди* (Байтемиров). *Көпчүлүк көөнү кубансын, Куйкум сөздөн табайын* (Калмырза).

**КУЙКУМДУУ** 1. Куйкум жыттанган. *Көмүрдүн куйкумдуу, кычкыл жыты кеңилжээриңди өрдөйт* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Какшык, кекээр маанисинде болгон, куйкумданган. *Зубайда куйкумдуу сөздөрүн айтып, тамашага да чалып жиберчү болду* («Ала-Тоо»).

**КУЙМА I** 1. Эки же андан көп металлдарды, металл элементтерин, кычкыл заттарды, органикалык заттарды ж.б. бирге эритүүнүн негизинде алынган бир тектүү зат. *Куймалардын физикалык касиеттери ар кандай болот.* 2. Дарыянын, суунун көлгө, деңизге, мухитке (океанга) кошулган жери. *Ысык-Көлдүн куймалары көп.*

**КУЙМА II** Бедизчилик технологиясында бедиз чыгармасын металлдан коло, цинк, чоюндан куюп жасоо ыкмасы. *Эреже катары, куюлуп жасалган бедиздин ичи бош, ичке металл капталдары болот.*

**КУЙМА КУЛАК** Уккан сөзүн унутпаган, эсинде жакшы сактаган, кепти илип ала коймо, зээндүү кишиге карата айтылат. *Акма кулак болбой, куйма кулак бол* (Айтматов). *Бар кабарын алдырып, Куйма кулак кулагын, Укканына кандырып* («Семетей»). *Акма кулакка айтса болбойт, Куйма кулакка куйса толбойт* («Чалкан»).

**КУЙМАК** Суюк камырдан ысытылган майга куюп бышырылган токоч. *Куймак бышыруу. Куймак куюу.*

**КУЙМУЛЧАК** Түп жагы бел омурткасына жана жамбаш сөөктөрүнө туташкан көчүк жакты сөөк, куйруктуу жаныбарлардын чычаң сөөгүнүн түп жаккы бөлүгү. *Куймулчак, жамбаш аштaшы Толгон деймин сары суу* («Манас»).

**КУЙПУЛАН** Куйтулануу, амалдануу.

**КУЙПУЛАНУУ куйпулан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙРУГУ ЖОК** Өтө куу, митаам. *Ошол учурда тигил куйругу жок мени сынап жатканын кайдан билдим* (Алыбаев). – *Ээ, мунуң бир куйругу жок бөдөнө окшойт* (Осмоналиев).

**КУЙРУГУ ҮЗҮЛҮҮ** Бүтүү, токтолуу. *Дарбазадан куйругу үзүлө түшкөндө, өңүп турган көп кол чуру-чуу көтөрө кыйкырык салышып, туш-туштан качырып кириши* (Касымбеков). **В.: Куйругу үзүлбөө.** *Өзүнүн алешем иштери жана азыркыга чейин куйругу үзүлбөй келе жаткан кесепеттери жөнүндө олуттуу чечимге келер деген ишенимдебиз* («Ачык саясат»).

**КУЙРУГУН БАСУУ** Каарына калуу, жинине тийүү. – *Адыке эсирбесин... Куйругумду баспасын, басса соруп салам! – дептир* (Сыдыкбеков).

**КУЙРУГУН БУРОО** *к.* **куйругун толгоо.**

**КУЙРУГУН КАРМАТПОО** Таптырбоо, оңой менен колго тийбөө. *Жанагы Тана куйругун карматпай кетти* (Үмөталиев). *Аны колдон чыгарбай коё туруш керек, болбосо ал экинчи куйругун карматпайт* (Осмоналиев).

**КУЙРУГУН КЫПЧУУ** Коркуп тим болуу, тынчып калуу, жалтанып, батына албай калуу. *Куйругуңду кыпчып калгансың го? – деди тиги бери жакта отурган адамга* (Байтемиров). Эч *нерсе айта албай куйругун кыпчып жолго түштү* («Чалкан»). **В.: Куйругун кысуу.** *Куйрукту кысып жөн жүрүү керек эле* (Үмөталиев).

**КУЙРУГУН СЫРТКА САЛУУ** Ыркка көнбөө, өзүнчө эле четтей берүү, эч кимге ко-

шулбоо, качуу. *Куйругун сыртка салып, ыргыштап калыптыр го?* **Куйрукту сыртка салуу.** *Алтайдан келген калмактар, Куйрукту сыртка салбайбы?* («Манас»).

**КУЙРУГУН ТОЛГОО** Эсине келтирип, тезге салып коюу, сазайын берүү, катуу айтып эскертип коюу. *Андайдын тизгинин эмитен тартып, куйругун толгоп койгонуңар жөн* (Жантөшев). **В.: Куйругун буроо.** *Куйругун бурап, эсине келтирип койбосоң, мындайлар башка чыгып кетпейби* («Чалкан»). *Андай ээн баштардын куйругун бурап коюш керек.*

**КУЙРУГУН ҮЗҮҮ** *к.* **куйругу үзүлүү.**

**КУЙРУГУН ШЫЙПАҢДАТУУ** Жакындагысы, сүйлөшкүсү келип, бирок анча батына албай айланчыктоо, имерчиктөө. *Куйругун шыйпаңдатып жетип келиптир, менин сүйүнкүрөбөй койгонумду байкады өңдөнөт, эч нерсе дей алган жок* («Агым»).

**КУЙРУГУНА КАЛБЫР БАЙЛОО** Бирөөнүн артынан ушак-айың таратуу, жаман атка кондуруу, дайыма кооптонуп, чочулап жүрө тургандай абалга жеткирүү. *Ийинге кире албай жатып, куйругуна калбыр байлаган чычкандай болуунун кереги эмне?* (Жантөшев). *Токто-о! чычкан ийинге кире албай жатып куйругуна калбыр байлайт болбо, Сапарбай, сен да* (Сыдыкбеков). **В.: Куйругуна калбыр тагуу.** *Анын куйругуна калбыр тагып, анан ага «Сактангыла Сатардан» деп бадырайта жазып узатыш керек эле* («Чалкан»).

**КУЙРУК** 1. Куймулчак сөөгүнө туташкан дене бөлүгү, кээ бир жаныбарлардын чычаң сөөгүнө туташкан, чубалжыган мүчөсү, шыйпаңы. *Жылкынын куйругу. Уйдун куйругу. Мышыктын куйругу.* 2. Канаттуулардын көчүк жаккы бөлүгүндөгү топ канаттары. *Кыргоолдун куйругу узун. Чабалекейдин куйругу эки ача.* 3. Койдун куймулчак сөөгүнө туташкан, семиз, майлуу келген мүчөсү. *Куйругу жаргылчактай кой. Куйрук сугунтуу. Куйрук май.* 4. Учуучу аппараттын (мис., самолёттун, вертолёттун) учуу аракетине ылайыктап жасалган арткы бөлүгү. 5. Жалпы эле чубалжыган, бирибирине туташкан арткы бөлүгү. *Курбусун узатууга үлгүрө албай эшелондун куйругун гана көрүп калышканда, жүрөктөрү өрттөнүп, муундары бошоду* (Сасыкбаев). 6. *өт.* Бирөөнүн артынан ээрчиген, анын пикирин жактаган, таламдаш болгон адам. *Феодалдар, кулак, куйрук айдалып, Жаңы турмуш гүлдөп жатат жеринде* (Токомбаев). 7. *өт.* Бир нерсенин аягы, калдыгы, калган бөлүгү. *Карыздын куйругун үзүү.*

**КУЙРУК БООР** Койдун бышкан куйругу менен боорун кесип аралаштырган тамак.

**КУЙРУК ТҮЙҮҮ** Биротоло кетип калуу, алыстоо, таптырбоо, карматпоо, экинчи колго тийбөө. *Кабыл кеткенде да бул элден биротоло куйрук түйдү* (Элебаев). *Борондуга келгени да аз эле болду, турук алып калабы, же куйругун шарт түйүп бир күнү кете береби, анысы азыр белгисиз* (Айтматов).

**КУЙРУК УЛАШ** Бирине-бири удаа, жакын, биринин артынан экинчиси удаалаш, караандаш. *Бээ кишенеп жөнөдү, артынан иттер куйрук улаш бара жатты* (Борбиев). *Теке чалбар, кулун тумак кийишип, саадак байланган кыздар эркектерге куйрук улаш баратышты* (Осмоналиев).

**КУЙРУКТА** 1. Куйруктан алуу, куйруктан кармоо. 2. *өт.* Туткактап артынан калбоо, эрмешүү. *Биздин артыбыздан куйруктап келип калышты* («Чалкан»).

**КУЙРУКТАТ** **куйрукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЙРУКТАШ** Бирине-бири удаа, жакын, куйрук улаш. *Биринин артынан бири куйрукташ келе жатышты.*

**КУЙРУКТОО** **куйрукта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙРУКТУУ ЖЫЛДЫЗ** Күн системасына кирүүчү асман телосу. *Куйруктуу жылдыз көлөмү боюнча Күндөн да чоңдук кылат. Өтө созулган эллипс орбитасы боюнча Күндү айланат.*

**КУЙРУКТУУ** Куйругу бар, куйругу чоң. *Куйруктуу кой.*

**КУЙТАН ОЙНОТУУ** Баш катыруу, баш айлантуу, жинди кылуу, акмак кылуу.

**КУЙТКУ** 1. Ырк бузар, бузуктугу бар, чагым салган. *Куйтку сөз сүйлөө.* 2. **куйту** менен бирдей.

**КУЙТКУЛА** Ортого чагым салуу, куйтулук кылуу, куйтулануу. *Жигиттердин арасын куйткулап, ала кылгысы келип жүргөнүңөр ким?* (Жантөшев).

**КУЙТКУЛУК** Бузукулук, арамзалык.

**КУЙТУ** Куу, митаам, амалдуу, эки жүздүү, куйтуланган бузуку. *Куйту адам.*

**КУЙТУЙ** 1. Тепейип, кипкичинекей болуп көрүнүү. *Байболот кырк чамасындагы куйтуйган чымыр киши* (Элебаев). 2. Таарынуу, тез таарына калуу. *Алда эмнеге таарынгансып Жыпар куйтуя түштү* (Сыдыкбеков).

**КУЙТУЛАН** Куйтулук кылуу, куулануу, митаамдык кылуу. *Сен жүрсөң калыс жүргүн, куйтуланганды кой* (Байтемиров).

**КУЙТУЛАНТ** **куйтулан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЙТУЛАНУУ** **куйтулан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙТУЛУК** Куулук, митаамдык, эки жүздүүлүк, куйтуланган бузукулук. *Камчыбектин куйтулугуна кыжырым да, күлкүм да келет* («Ала-Тоо»).

**КУЙТУЛУҢДА** **куйтуңда** менен бирдей.

**КУЙТУҢ:** **куйтуң-куйтуң этүү** 1. Куйтуйган кичине кишинин кыймыл-аракетин билдирүүдө айтылат. 2. Куйтулук кылган, кууланган, арамзаланган, чагым салган кишиге карата айтылат.

**КУЙТУНДА** 1. Куйтун-куйтуң этүү, тепендөө, кедендөө. 2. Куйтулануу, куйтулук кылуу.

**КУЙТУНДАТ куйтуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЙТУНДОО куйтуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЙТУЮУ куйтуй** этишинин кыймыл атоочу.

**КУК I** *диал.* Айбандардын аттары менен берилген он эки жылдык жыл эсебинин он экинчи (доңуз) жылынын аты.

**КУК II** Кээ бир канаттуулардын (мис., кузгундун) дабышын билдирүүдө колдонулат. *Жер ээн: как эткен карга, кук эткен кузгун жок* («Ала-Тоо»).

**КУК ЭТКЕН КУЗГУН, КАК ЭТКЕН КАРГА ЖОК** Эч нерсеси жок, эч жан жашабаган ээн талаа, ээн жер. *Алар жарым жолго жеткенде кук эткен кузгун, как эткен карга жок жерге туш келип, бет алды чоң бороон башталды* («Ала-Тоо»).

**КУКУЛДА** Кук-кук этүү, кук-кук эткен дабыш чыгаруу. *Какылдап учкан карга жок, Кукулдап учкан кузгун жок* («Сейтек»). *Кукулдап аппак куу турат* («Семетей»).

**КУКУЛДАТ кукулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУКУЛДОО кукулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛ** 1. Кожоюндун жеке менчигине айланган, эч бир укуксуз эркек киши. *Кул кылам – деп – калмактан, Жөө кармаган андан көп* («Манас» С.О.). ‖ Эмгеги, тапкан мүлкү бирөөнүн менчигинде болуп, ага көз каранды болгон эрксиз адам. *Кулда кулак жок* (макал). *Келин-кыз байга күң болуп, Жигиттер байга кул болуп* (Осмонкул). *Коюн багып байлардын, Кул болгондор аманбы?* (Токтогул). 2. *өт.* Бирөөнүн эркин, талабын унчукпай орундай берген, анын оюу менен болгон, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон адам. *Эрте сүйлөгөндүн кулу.*

**КУЛ ЖЕБЕС** Майлуу чүйгүн эт, эттин чүйгүндөрү. *Кул жебестен жедирип, кул ичпестен ичирип, урмат кыла коноктоп, урмат кыла узатып койгон* (Субанбеков). *Кул жебес деген ушул деп, бир табак килкилдеген майлуу эт тартты* («Ала-Тоо»). *Кул жебестен алгыла деп, казы, карта, сары жүрмө аралашкан чоң табак этти коноктордун алдына койду* («Ала-Тоо»). *– Ыя? Неге какшыктайсың? Табалап турасың го?! Же, кул жебести жегиле деп, кулкулдап отурасыңбы?* (Үмөталиев).

**КУЛ ПЕНДЕ** Кудайдын кулу адам деген мааниде. *Кул пендем, солкулдаарсың, солкулдаарсың, тириңде, Кул пендем солдоёрсуң өлгөндө кул пендем, кул пендем!*

**КУЛ ЭЭЛӨӨЧҮ** *тар.* Кулчулук доордун үстөмдүк кылуу, карамагындагы кулдарга толук ээлиги бар өкүлү, кулдардын ээси.

**КУЛ ЭЭЛӨӨЧҮЛҮК** *тар.* Кул ээлөөчүлөрдүн толук менчигинде болгон кулдарды эзип, эрксиз иштетүүгө негизделген тарыхтагы коомдук-экономикалык түзүлүш.

**КУЛА I** Саргыч бозомук түс (жылкынын түсүнө карата айтылат). *Кула байтал. Кула бээ.*

**КУЛА II** 1. Жыгылуу, тоголонуу, учуп түшүү, көмөлөнүп кетүү. *Темир жолду аскадан кулаган шагыл таш басып калды* (Сасыкбаев). *Эки беттен аккан жаш. Жаак ылдый кулады* («Эр Төштүк»). *Как жүрөккө найза жеп, Ат үстүнөн кулады* («Курманбек»). *Кулаган кийиктин кайсы жерде экенин издеп жөнөштү* («Ала-Тоо»). 2. Жатып калуу, жатыш үчүн жыгылуу. *Курма керегенин түбүнө эт-бетинен кулады* (Каимов). *Бул кабарды угар замат Нурмат чуркаган бойдон атасынын үстүнө кулады* (Абдукаримов). *Үйгө жетип эле куласам деген ой менен бараткан учурда капысынан чуркап келаткан итти көрдүм* (Абдукаримов). 3.Жеңилүү, жыгылуу. *Тура албайсың Осмонкул, Кокустан менден куласаң* (Осмонкул). *Каарман элдин күчүнө, Душмандын туусу кулады* (Осмонкул). 4. Талкалануу, жок болуу, кыйроо. *Жоокерлердин айбатына туралбай, Далай душман талкаланды, кулады* (Үмөталиев). *Жиберген желдеттериң жатат кулап* (Нуркамал). 5. Өтпөй калуу, оңунан чыкпай калуу. *Асылбек эки сабагынан кулады* («Ала-Тоо»).

**КУЛААЛЫ** Саргыч күрөң же көгүш түстөгү кыргыйдан чоңураак жырткыч канаттуу. *Биринен бири катып жейт, кулаалы көрсө атып жейт* (Калмырза). *Кулаалыдан корголоогон жөжөлөр көпкө чейин чөптүн ичинен чыгышкан жок.*

**КУЛАГДАР** Кабардар, кабары бар. *Дүйшөнкулдун аскерге кетерин угушуп, айылдагылар бүт кулагдар болушту* (Бөкөнбаев).

**КУЛАГЫ БЫШУУ** *к.* **бышы кулак болуу.**

**КУЛАГЫ ЖОК** Сөз укпаган, тил албаган, кыйык (көбүнчө балдарга карата). *Мындай кулагы жок тилазар болорбу деп чоң эне ачууланды* (Таштемиров).

**КУЛАГЫ КАТУУ** Кулагы жакшы укпаган, дүлөй чалыш. *Тиги атаңдын кулагы катуу, кыйкыра сүйлөбөсө укпайт* (Убукеев). *Цехте иштеп жатканда кулагы катуу киши менен жаңдашкандай болуп мазеңиз кетет* (Сасыкбаев).

**КУЛАГЫ УЗУН** *к.* **узун кулак.**

**КУЛАГЫ ЧАЛУУ** Сөздүн чекесин угуп калуу, чала-була кабардар болуу. *Көрө албаган Кожо менен Бошкой ээсин көкүтүп, өзүңө бир балээ баштоочудай деген ушак-айыңды кулагыбыз чалды* (Бейшеналиев). *Райондун жаңы жетекчилери тымызын текшерүү ишин жүргүзүп жаткандыгын кулагы чалган Карагул Тазабектин артынан ээрчип үйүнө чейин барат* (Медетов). *Ашым алды*

*жакта кобурашкан үндөрдү, аттардын дүбүртүн кулагы чалды* (Каимов).

**КУЛАГЫ ЧУУЛДОО** 1. Ден соолугу начарлап, өзүн начар сезүүдөн улам угуу сезиминде кандайдыр бир дүңгүрөгөн дабыш пайда болгонсуу. *Айнагүлдүн көздөрү жайнап, жүрөгү катуулап кагып, кулагы чуулдай баштады* (Жантөшев). *Кулагым чуулдап, эсим оош бара жатканымда Жусуптун жолдоштору фашисттерди кырды* (Алыбаев). 2. Бирөөнү кепке-сөзгө алып сыртынан талкуулоо, ушактоо (ошол кишиге карата «кулагы чуулдап жатат го», «кулагын чуулдаттык го» деген мааниде айтылат).

**КУЛАГЫМА КУМ КУЮЛСУН** Эч нерсе уккан жокмун деп ишендирүү, каргануу маанисинде колдонулат. – *Жок… жок… Уксам кулагыма кум куюлсун* (Бейшеналиев).

**КУЛАГЫН ЖАПЫРУУ** *к.* **кулак жапыруу.**

**КУЛАГЫНА АЛТЫН СЫРГА** Эсинде болсун, эсинен чыгарбасын, эч качан унутпасын деген мааниде. *Тиги келиндердин кулагына алтын сырга, айтып кой, байбиче* («Ала-Тоо»).

**КУЛАГЫНА ИЛБӨӨ** Айткан сөздү укпоо, ага маани бербөө. *Жалынып-жалбарган оюн, башчы келиндин сөзүн кулактарына илбеди* (Жантөшев).

**КУЛАГЫНА КУМДАЙ КУЮУ** Бир нече жолу кайталап айтуу, кайра-кайра айта берүү. *Байкемдин оюна койбой, жогорку маалыматтуу, үй-жайы, машинасы бар кызга үйлөн деп кулагына кумдай куюшчу* («Кыргызстан маданияты»). *Апам күндө эле кулагыма кумдай куюп жүрөт.* **В.: Кулагына куюу.** *Оору-сыркоодон этиет болуунү, жаман оюнга жолобоону ата-энелери кулактарына куюшту* (Абдукаримов). – *Коммунага ишене бербейм, ирденген күндө да бизге ээлик кыла койбос деп чочуйм, – деп кулагына куя берди* (Ашымбаев). **Кулагына салуу.** *Сүйүнчүлүү бир сөздү Кулагыма салбадың* («Семетей»).

**КУЛАГЫНА СЫРГА КЫЛУУ** Унутпай тургандай кылып айтып коюу, эсине салып коюу.

**КУЛАГЫНА ШАК ДЕЙ ТҮШҮҮ** Кокусунан, күтүлбөгөн жерден угулуп калуу, даана угула калуу. *Саал кыркырап чыккан Осмон бригадирдин тааныш үнү Адылбектин кулагына шак дей түштү* (Өмүрбаев). *Машина узай бергенде энемдин бакырганы кулагыма шак дей түштү* (Жусупов).

**КУЛАГЫНАН КҮН КӨРҮНҮҮ** Абдан арыктоо, өтө алсыз, начар абалда болуу, аябай арыктап кетүү. *Ал байкуштун кулагынан күн көрүнөт.*

**КУЛАГЫНАН ҮРКҮҮ** Эл арасында айтылган имиш сөздөрдөн улам өзүнөн-өзү кооптонуп, чочулап тынчы кете баштоо. *Айрыкча Көк-Суудагы элдер кулагынан үркту* (Элебаев). **В.: Кулагынан коркуу.** *Жүрөгүнө аш баспай кулагынан корко Бермет үйүндө* (Осмоналиев). **Кулагынын учунан үркүү.** *Жосунсуз иштеринен шек санаган. Кулагынын учунан үркө баштаган* (Осмоналиев).

**КУЛАГЫНЫН КУЖУРУН АЛУУ** 1. Бир нерселерди кайта-кайта айта берип тажатуу, тынчтык бербөө. *Күнүгө баягы сөзүн айта берип, кулагынын кужурун алып жанын кейитти* («Ала-Тоо»). *Аялы кулагынын кужурун алчу болду* («Кыргызстан маданияты»). 2. Чурулдаган, катуу чыккан үн же кайта-кайта тынымсыз чыккан дабыштан тажоо. *Татыбектин коңуругу күчөп, кулактын кужурун алды* (Таштемиров). *Таандар айланып, алардын баш-аламан үнү кулактын кужурун алат* (Байтемиров). **В.: Кулагын тындырбоо.** – *Жетишет! Кулагымды тындырбай күн сайын бир сөздү айта берип жадаттың* (Борбиев). *Зарылдын зээндүүлүгүн күнүлөп, Калыйманын айрым абысындары өз кыздарын жемелеп, кулагын тындырбай жатышат* (Өмүрбаев).

**КУЛАГЫНЫН КЫЧУУСУ КАНУУ** Кандайдыр кулакка жагымдуу нерселерди угуп абдан ыраазы болуу, моокуму кануу, ырахат алуу. *Кана ырдачы, жаштардын кулагынын кычуусу кансын* (Жантөшев). **В.: Кулагынын курчу кануу.** *Дагы уласа деп кулагынын курчу канбай керилген Байымбет… бырс этти* (Бейшеналиев). **Кулагынын курчун кандыруу.** *Айтор, менин милдетим кулагыңардын курчун кандырмай, көңүлүңөрдүн толгоосун жандырмай* (Бейшеналиев).

**КУЛАГЫНЫН СЫРТЫНАН КЕТҮҮ** Айткан кепке анчалык назар салып, кунт коюп укпоо, укмаксан болуу. *Айтылган сын алардын кулагынын сыртынан кетип, кыжырданууну пайда кылды* («Кыргызстан маданияты»). *Бул сөз жетекчинин кулагынын сыртынан кетчү болду.* **В.: Кулагынын сыртынан желпүү.** Акын *Чоюбектин сөзүн кулагынын сыртынан желпип, өкмөттүн өкүлүнө тике кайрылды* (Бейшеналиев). **Кулагынан кайып өтүү.** *Өкүмдардын өктөм буйругу кулагынан кайып өткөн* (Бейшеналиев). **Кулагынын кырынан кетүү.** *Жанатан бери сүйлөп жаткан сөздөрү тигилердин кулагынын кырынан кетип жатты* (Бердикеев). **Кулагынын учунан кетүү.** *Кемпирдин сөзү кулагынын учунан кетет, анын үстүнө көп кеби түшүнүксүз* (Айтматов).

**КУЛАГЫНЫН УЧУНАН ҮРКҮҮ** *к.* **кулагынан үркүү.**

**КУЛАК I** 1. Адамдардын, жаныбарлардын угуу мүчөсү. *Чынбы кулак укканы, Ата деген үнүңдү* (Бөкөнбаев). *Күркүрөп жаткан дайранын, Кулагың тунат шарына* (Бөкөнбаев). ‖ Угуу сезими, бир нерсенин дабышын сезүү, кабыл алуу мүмкүндүгү. *Айткан сөздү угузбай, Кулакты алды карылык* (Токтогул).

2. Баштын угуу органы орношкон жериндеги кемирчектүү калканчы. *Кулагын кылыч шыпырып, Молойгондор дагы бар* («Манас»). *Кебек карыя үшүгөн кулактарын кашыды* (Байтемиров). *Кыйгач кулак жээрде ат, Кызыктырат адамды* (Осмонкул). 3. Тумактын кулакчыны. *Базарбек экөөбүз түлкү тумактарыбыздын кула- гын түшүрүп алганбыз* (Каимов). *Чотурдун тумагынын кулактары делдектеп баратат* (Касымбеков). 4. Нерсенин кармоо, көтөрүү үчүн атайын жасалган бөлүкчөсү. *Ка-зандын кулагы. Каптын кулагы.* 5. Кылдуу музыкалык аспаптардын кылын бурап, чертилүүчү күүгө ылайыктоочу тетиги. *Комуздун кулагы. Кыл кыяктын кулагы.* 6. *аңч.* Кара мылтыктын дары куйган жери. ‖ Кара мылтыктын от алдыруучу кулагы.

**КУЛАК II** 1. Суу жаюу, жыгуу үчүн арыкка туурасынан тосулган бөгөт, байлоо. *Суу жайып жаткан Байгазы жаңы кулак ачып коюп, Абылга кыйкырды* (Осмоналиев). *Күчүң барда иштеп көн… Кулак байлап, жер жибит* (Токтогул). 2. Арыктагы же жалпы эле сугатка керектелүүчү суунун чени, өлчөмү, көлөмү. *Эки кулак суу.*

**КУЛАК III** *тар.* Бай-манаптык бийлөөчүлүк укугу жок, кедейлерден оокаттуу, жеке менчиктүү орто чарба дыйкан. *Айылда Түлөберди деген кулак бар эле* (Байтемиров).

**КУЛАК БЫШУУ** *к.* **бышы кулак болуу.**

**КУЛАК ЖАПЫРУУ** Угуп жатса да укмаксан болуп унчукпай, көңүл бөлбөй, жооп кайтарбай отура берүү, мейлиге салуу. *Акиянын жемесине Чаргын кулакты жапырды* (Сыдыкбеков). *Кулакты жапырып, тили жок дудук болдум да калдым* (Элебаев). *Элдин бардыгы бул сөзгө кулак жапырып тим болушту* (Жантөшев). *Ниязкул кайрылган жок, кулакты жапырып улам нарылап кете берди* (Абдумомунов). *Деги мейли, туруп берейин, – деп Акиянын жемесине кулак жапырды* (Сыдыкбеков). *Удайчы үн бере албады, шалдырап атына араң минди да кулак жапырып, атын бат-бат желдирип жөнөй берди* (Касымбеков). **В.: Кулагын жапыруу.** *Байкуш атам кулагын жапырып башка бөлмөгө чыга каччу* (Борбуев).

**КУЛАК ЖОК** Кайра-кайра айта берет, тажатат, уккуң келбейт деген мааниде. *Бир жыл бою менде кулак жок болду. Ошондон бери менде кулак жок.*

**КУЛАК КАГУУ** Айткан кепти угуу, көңүл буруу, бирөөнүн кебине көңүл салуу. *Аял күйөөсүнүн сөзүнө кулак каккан жок, дагы ырдап кирди* («Чалкан»).

**КУЛАК КАГЫШ КЫЛУУ** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө алдын ала айтып көндүрө берүү, каңкуулап эскертип коюу. *Бийдин кулак кагыш кылганы ушул эле* (Каимов). *Байбиче келинине кулак кагыш кылды: – Күн чыкканга калбай туруп жүр балам* (Каимов). *Аялы меймандын жөнүн бүгүн да кулак кагыш кылды* (Укаев). **В.: Кулак какты кылуу.** *Бирок бир сөздү унутпаңыз… Ошону сөзсүз айтып коюуңуз деп, кулак какты кылды Сабырбек* (Абдыраманов).

**КУЛАК КАЙЧЫ** Ууру, кески, кээде каракчы. *– Кулак кайчы бурут көп* («Манас» С.О.). *Анда калтаң кеп айтат, Камыкпа каным деп айтат. Кулак кайчы буруттур, Көбөйүп кетти дейсиңби, Көк теңир аны уруптур* («Манас»).

**КУЛАК КАКПОО** Укмаксанга салуу, уккусу келбөө, тоготпоо. *Эл арасында күбүр-шыбыр наааразылык чыгат. Бригадир ага кулак какпайт, назар салбайт* («Чалкан»). *Кызып алган аял күйөөсүнүн сөзүнө кулак каккан жок, дагы ырдап кирди* (Байтемиров). *Андай акарат кептерге Бостон кулак какчу эмес* («Советтик Кыргызстан»). **В.: Кулак салбоо.** *Анын кебине кулак салбагансып, молдо шарыят жолун туюндурду* (Сыдыкбеков).

**КУЛАК КЕСТИ КУЛ** Кыңк этпеген, өз эрки өзүндө жок кул.

**КУЛАК-МУРУН КЕСКЕНДЕЙ** Тыптынч, жымжырт, эч доошсуз. *Те коргондун этек жагынан сүтак сайрап, кайра бир убакта ал дагы магдырап үргүлөп, түн түбүнө чөгүп, кулак-мурун кескендей жымжырт* (Касымбеков). *Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, көчкү жүрүп кеткендей ың-жың тунжурап турат* (Айтматов). *Сүйлөшүп отургулачы, болбосо кулак-мурунду кескендей болуп калат экен* (Абдукаримов). **В.: Кулак кескендей.** *Айлана кулак кескендей кереңине тартып, кызды зериктирип жибергендей сезилди* (Ашымбаев). *Шуу-шуу өткөн жолбун желдин шоокумунан башка дабыш жок, кулак кескендей* (Касымбеков). *Үйдө эч ким жок, үйдүн ичи кулак кескендей тынч* («Чалкан»).

**КУЛАК МУРУНДУ ШЫЛЫП САЛГАНДАЙ** Эч нерсе жок, тып-тыйпыл, жылан сыйпагандай. *Бүт тарап кулак-мурунду шылып салгандай болду да калды* («Ала-Тоо»).

**КУЛАК-МЭЭНИ ЖАРУУ** Бака-шака түшкөн, кулак жаңырткан катуу дабыш чыгаруу. *Балдар кулак-мээни жарып ышкырып да жиберишти* (Жантөшев). *Чоң өзөндүн шары тоону жаңыртып, кулак-мээни жарат* (Каимов). **В.: Кулак-мээни тундуруу.** *Күңгүрөгөн доолбас кулак-мээни тундурду* («Семетей»). **Кулакты жаруу.** *Бака-шака тарсылдактар кулакты жарат* («Аалам»).

**КУЛАК-МЭЭСИН ЖЕЙТ** Кайра-кайра айта берип же жагымсыз дабыш салып тынчын алуу, тажатуу. *Кален деп менин атымды укканда эле кызынын кулак-мээсин жейт экен* (Акматов). *Үйүнө кирип-чыгып күңкүлдөп, аялынын кулак-мээсин жейт* («Ала-Тоо»). *Калың тобу менен бүгүн кечке чуулдай берип, бир жакка учуп да кетпей кулак-мээни жеп жатты* (Айтматов).

**В.:Кулак-мээсин алуу.** *«Ата-энеси таштап кеткен немени мага кереги канчалык экен! Башка түйшүгүм да аз эмес», деп таенеси таятасынын кулак-мээсин алат* (Айтматов). *Ал үйгө кирди дегиче экөө эки жагынан кулак-мээсин алышчу* («Кыргызстан маданияты»).

**КУЛАК САЛБОО** *к.* **кулак какпоо.**

**КУЛАК САЛУУ** Кепке көңүл бөлүү, көңүлдөнүп угуу, кунт коюп угуу, тыңшоо. *Оо, балам, Калык, тилимди ал, Акыл айтам, кулак сал* (Токтогул). *Кыял жоруктары, кылган иштери экөөбүздүкүндөй экен Бексултан, – деди, ишенбесең кулак сал, мен окуюн* («Чалкан»). **В.: Кулак төшөө.** *Байымбет заңкылдап боздогон жесирдин ыйына кулагын төшөп, жашыл бетегеси жапырылган жапсарга кыңкайды* (Бейшеналиев). *«Азыр токой ичи абдан коркунуч- туу го?» – деп ойлоду бала сырттагы тынымсыз доошко кулак төшөп жатып* (Айтматов). **Кулак буруу.** *Кыз атасы кулак бурду, Айта бергин дегендей* (Осмонкул). *Алмамбет көзүнүн көнчөгүн салаңдатып, Бекназар жакка кулак буруп, жооп күтүп көшөрдү* (Касымбеков).

**КУЛАК СЕНДЕ** Кана, айта бер, угуп жатам, угам деген мааниде. – *Кулак сенде, чырагым, өз дилиңди айт* (Абакиров). *Ырдай бер, Жамийла, кулак сенде.*

**КУЛАК ТӨШӨӨ** *к.* **кулак салуу.**

**КУЛАК ТУНУУ** Кандайдыр катуу ызычуу, тарс-турс, калдыр-култур эткен добуштан кулак жаңырyу, жаңырыктан укпай калуу. *Күркүрөп жаткан дайранын, Кулагың тунат шарынан* (Бөкөнбаев).

**КУЛАК ТҮРҮҮ** Кандайдыр бир кабарды угууга күтүнүү, акмалоо, абайлап туруу. *Апай апа этегин кагына, кооптоно тышка кулагын түрдү* (Бейшеналиев). *Бүт элет дүңгүрөп, Домбу үчүн Насирдин бектин күн сурап камалап жатканын кооп менен кеп кылып, кулак түрдү* (Касымбеков). *Акыры кандай болуп чыгар экен? – дешип, бериси район, арысы областка чейин кулак түрүп калды* (Баялинов). **В.: Кулагын көтөрүү.** *Ашыр чыгдан тараптан чыккан дабышка кулагын көтөрдү* (Жантөшев).

**КУЛАК УГУП, КӨЗ КӨРГҮС** Абдан алыс, өтө алыс, мурда көрүп-билбеген, белгисиз. *Кулак угуп, көз көргүс Белге жумшап жатыптыр* («Эр Төштүк»). *Же бир кулак угуп, көз көргүс жерде болсочу* (Саатов). *Деле кулак угуп, көз көргүс жерге оолактап кетеличи? дейт аялы* (Осмоналиев). **В.: Кулак укпаган, көз көрбөгөн.** *Ошо бойдон калган тукумун сактап, кулак укпаган, көз көрбөгөн бир жерлерге кетип калган экен* (Айтматов). **Көз көргүс.** *Көз көргүс жакка кетсемби, мазарым айнып турат.* **Көз көрүп, кулак уккус.** *Төртөөбүз кол кармашып көз көрүп, кулак уккус жакка кетебиз* (Жантөшев).

**КУЛАКДАР** *туурасы:* **кулагдар.**

**КУЛАКДАР БОЛУУ** Бир нерседен кабардар болуу, байкай жүрүү, биле жүрүү. *Силер да жоголгон атка кулакдар боло жүргүлө* («Ала-Тоо»). *Эми мындан ары силер да сак болгула, кулакдар боло жүргөн жакшы.*

**КУЛАККА ИЛБӨӨ** *же* **кулагына илбөө** Айтканын, дегенин укпай коюу, тоотпоо, тил албоо, укмаксанга салуу. *Жалынып-жалбарганын кулагына илбеди* (Жантөшев).

**КУЛАККА ТАРТУУ** *тар.* Совет бийлиги 20-жылдардын ичинде жеке менчик чарбанын бардык түрүнө чектөө саясатын жүргүзгөн, 1929-ж. 27-декабрынан «Кулактарды тап катары жоюу» жарыялангандан кийин Кыргызстандагы оокаттуу дыйкандарга кирген кулактарга массалык репрессия башталган. 1929-ж. Салык эсеби боюнча Кыргызстандын аймагында жалпы дыйкан чарбалардын 1,8% ин гана түзгөн кулак чарбасы болсо, жергиликтүү бийлик органдары фактыларды бурмалашып, дыйкандардын 10%ин кулакка тартышкан. Натыйжада, орто дыйкандардын көпчүлүгү, айрым учурда кедей дыйкандар да кулакка тартылган. Кулакка тартылгандардын бир бөлүгү сот жообуна тартылса, экинчи бөлүгү алыскы аймактарга кубаланган. *Аңгыча элди ачарчылык каптады. Анын алдында эгин топтоп, мал күткөн чарбачыл кишилердин баарын кулакка тартып, айдап кетишти* (Айтматов).

**КУЛАКТА** 1. Кулактан кармоо, кулакка асылуу. *Оолукма жинди өз атам, Басып калды кулактап* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бир нерсени тындырып алып калуу, ээ болуу, өндүрүү үчүн артынан сая түшүп аракеттенүү, артынан калбоо. *Үч жылы кулактап, артынан калбай жүрүп, быйыл араң тындырдым* («Чалкан»).

**КУЛАКТАНДЫР** Бир нерсенин боло тургандыгы, болуу маалы же башка маалыматтар жөнүндө алдын ала кабарлоо, жарыялоо, элге угузуу, билдирүү.

**КУЛАКТАНДЫРУУ I** Бир нерсе жөнүндө алдын ала кулактандырып айтылган жарыя, билдирген кабар. *Капар кулактандыруу жазып, мектепке илип койгон эле* (Таштемиров). *Кулактандыруулар күн сайын жаңыланып чапталып турат* (Бейшеналиев).

**КУЛАКТАНДЫРУУ II кулактандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛАКТАТ кулакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛАКТАШ** Бири-бирине кабарлаш, өз ара байланыштуу. *Ууру талапташ, бөрү кулакташ* (макал).

**КУЛАКТАШ БОЛУУ** Бири-бири менен байланышып, кабардар болуп туруу, кабарлаш болуу. *Карасакал Бекбайдын башынан чеңгелдеп эркелетти: – Кан канды кыйбайт эмеспи... Өз канымсың да – мага кызмат*

*кылып келдиң, мындан ары да кулакташ болобуз* (Абдыраманов).

**КУЛАКТОО кулакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛАКТУУ** 1. Кулагы бар, кулагы бир нерсеге окшоп кеткен, окшоштугу бар. *Камыш кулактуу келген кара кер быштты.* 2. Кулагы соо, дүлөй эмес, кулагы жакшы уккан. *Кулактуу кишиге бир айткан эле жетпейби* («Чалкан»). 3. *өт.* Акыл-эси ордунда, акылы жетик. 4. Кармай турган кулагы, туткасы бар. *Айылдын эли алты кулактуу чоң кара казанды алып келишти* (Абдукаримов).

**КУЛАКТЫН КУЖУРУН АЛУУ** Чуулдап же кайта-кайта айта берип, сүйлөй берип тажатып жиберүү, кулакты жаңыртып ийүү. *Татыбектин коңуругу күчөп, кулактын кужурун алды* (Байтемиров). *Элдин ушагы Атабектин кулагынын кужурун ала баштады* (Жантөшев).

**КУЛАКЧЫН** 1. Тумактын эки кулакты жаап туруш үчүн жаактын тушун карай түшүрүлүп коё турган бөлүгү. *Аңгыча кулакчынын түшүрүп, Кабыл кирип келди* (Бейшеналиев). *Кычан кулакчынын мектептен чыкканда эле байланган эмес* (Бейшеналиев). 2. *сүйл.* Тумак.

**КУЛАН I** Жапайы жылкы. *Жайылып жүргөн өзүнчө, Кулан көрдү Элеман* («Эр Төштүк»). *Кулан атып, бөкөн кууп Салбырынга барыптыр* («Манас»).

**КУЛАН II кула I** этишинин өздүк мамилеси.

**КУЛАН ӨӨК БОЛУУ** Таң атууга жакындап, агара баштоо. *Тап коюша арбашып турган ээн жердин бөрүлөрү таң кулан өөк болгондо тоо-ташка житишти* (Бейшеналиев).

**КУЛАН ӨӨК** Таңдын жаңыдан чыгыштан агарып көрүнүшү. *Кулан өөк таңын атырып, Куунатпай түшкөн караңгы* («Эл адабияты»).

**КУЛАНДАН СОО** Ден соолугу таза, оорусу жок. *Оорудан баш көтөрбөй жаткан Сайранын бул жерде куландан соо болуп отурганына таң болушту* («Чалкан»). *Ак койдун майын жеп жүрүп куландан соо болгом* (Бейшеналиев).

**КУЛАТ кула II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛАЧ** 1. Эки колдун жазылышы, керилиши. *Мамбеткул учурашуу үчүн кулачын жайды* (Каимов). *Жетпей турган жер болсо, Жээлигип сунба кулачың* (Осмонкул). 2. Эки колду кергендеги, жазгандагы өлчөм, чен. *Сексен кулач кыл аркан Жандан чечип алды эми* («Манас»). *Колумда бир кулачтай союлум бар эле* (Абдукаримов). *Узундугу жүз кулач.* («Манас» С.О.).

**КУЛАЧ ЖАЮУ** 1. Умтулуу, аракет кылуу. *Ал келечекке умтулуп кулач жайды* («Ала-Тоо»). 2. Жайылуу, тароо. *Окумуштуулардын күчү менен пайдалуу кендердин жаңы жерлери табылып, аларды өздөштүрүү ийгиликтүү кулач жайды* («Кыргызстан маданияты»).

**КУЛАЧ УРУУ** Суудан сүзүш үчүн кулачын кере шилтеп, алга карай умтулуу, чабак уруу. *Жыпар кумары тараганча кулач уруп, күн бата сайдан чыкты* (Каимов).

**КУЛАЧА кула** менен бирдей. *Урулдуу жылкым кулача, Маңдайы кашка тумарча* («Сейтек»). *Бир бөлүгүн караса, Текши баары кулача* («Манас»).

**КУЛАЧТА** 1. Кулачын салып ченөө, өлчөө. *Токтогул арканды тез-тез кулачтап, сыдыра баштады* (Токомбаев). 2. Сууда сүзүү үчүн кулачын кере шилтеп умтулуу, алга карай жылуу. *Кубантып сени, Днепр, Кулачтап сүзүп көрсөм дейт* (Шамшиев).

**КУЛАЧТАТ кулачта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛАЧТОО кулачта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛАЧТУУ** 1. Кулачы чоң, кулачы кең. *Кулачтуу киши.* 2. Узундугу же эни бир нече кулач болгон, кулачтан турган. *Кырк кулачтуу укурук* («Эр Табылды»).

**КУЛГУ** Жеген-ичкенин оозунан кайра окшуп чыгаруу, окшуу. *Чоң тойгон койлордун ынтыгып онтогону, карт-карт кулгуп алып, кайта кепшегени болбосо, айлана жымжырт* (Убукеев).

**КУЛГУНА** Моюн бездери шишип, жарылып чыккан жугуштуу жара. *Кесик оору кулгуна, Көпкө айыкпай кууратар* (Тоголок Молдо).

**КУЛГУНАЛУУ** Кулгунасы бар, кулгуна менен ооруган.

**КУЛГУТ кулгу** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛГУУ кулгу** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛДА** Кул кылуу, кул кылып иштетүү. *Эрин кулдап, күңдөй жумшап бүлөсүн* (Элебаев). *Кырк жыл бою кулдап жүргөн байынан, Бошонгондо ушул жерге келди эле* (Токомбаев).

**КУЛДА КУЛАК ЖОК** Эч бир үн чыгарбайт, сөз сүйлөбөйт, унчукпайт, укса да укмаксан болуп жөн калат. *Ал кулда кулак жок отурду* («Ала-Тоо»). **В.: Кумда кулак жок.** – *Эмне кылып жүрөсүңөр? Ким үндөп жүрөт жаман жорукка? Оросул аларды жемелей баштады. Кумда кулак жок. Баш көтөрбөй жүздөрүн ала качат* (Осмоналиев).

**КУЛДАН** Кул болуу. *Кедейликтин айынан байларга кулданып оокат кылдык* («Ала-Тоо»).

**КУЛДАНДЫР кулдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛДАНУУ кулдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛДАНУУЧУЛУК кулчулук** менен бирдей.

**КУЛДУГУМ БАР** Бирөөнүн алдынан өтүп, «кечирип кой», «кечир» деген сыяктуу өтүнүү маанисинде колдонулат. *Эки колун бооруна алып: – Кулдугум бар, ардактуу Ажы ата,– деди* (Убукеев).

**КУЛДУЙ** Зынкыйып катып калуу. *Кулдуйган жаргак шым.*

**КУЛДУК I** 1. Макул болуу, баш ийүү, айтканын аткаруу. 2. Жүгүнүү, урмат көрсөтүү. 3. Кудалашуу салтындагы жөрөлгөлөрдүн бири – кыз тарапка күйөө тараптын өкүлдөрү берүүчү алгачкы сыйлык – белектер. *Кулдук дейбиз биз жакта, Бата аягын жесеңер. Кызыл чака бул бербей, Кулдукту кантип урам* («Манас» С.О.).

**КУЛДУК II** Кул болуу, кулдануу абалына таандык, кулчулук, кул болгондук. *Ыракмат айт, алкыш айт, Кулдуктан сени куткарган, Адилет эл оруска* (Токтогул). *Өмүр бою силерди кулдукта кармап келгендер менен тартынбай күрөшкүлө* (Элебаев).

**КУЛДУК УРУУ** 1. Макулдугун сурап алдынан өтүү, өтүнүү. *Кудалашып чай бердим, Кулдук уруп, май бердим* (фольк.). *Он үчүндө эле кулдук уруп, куда түшө баштады* (Сасыкбаев). *Кызына сөйкө салайын, Кулдук уруп калайын* («Эр Төштүк»). 2. Баш ийүү, таазим кылуу, жүгүнүү, моюн сунуу. – *Жаркынбай чекеси жерге тийгенче кулдук урду* (Бейшеналиев). *Мен тез эле анын колоң чачына чалынып, аксаргыл жүзүнө мүнөзүнө кулдук ура баштадым* («Ала-Тоо»). **В.: Кулдук кылуу.** *Кубатына колхозчу эл, кулдук кылып багындым* (Үсөнбаев).

**КУЛДУР-КУЛДУР** Катып калган нерсенин (мис., теринин, жаргактын) кулдурттаган дабышын же суюктуктун көңдөй нерсенин ичинде чайкалуудан, биринен экинчисине куюлуудан келип чыккан дабышын билдирүүдө колдонулат.

**КУЛДУРАТ кулдура** этишинин аркылуу мамилеси. *Шымданып жаргак шымды кулдуратып, Бекитип бүткөн боюн кур курчанып* (Маликов).

**КУЛДУРОО кулдура** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛДУРТ кулдур** менен бирдей.

**КУЛДУРТТА кулдура** менен бирдей.

**КУЛДУРТТОО кулдуртта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛЖА** 1. Аркардын эркеги. *Аркар, кулжа жайлаган, Тоосу сонун биздин эл* (Осмонкул). *Карарган тоонун арасын, Кулжалар оттоп жон кылган* (Женижок). *Кырбусунда жашаган, Кулжалары калжайып* (Казыбек). 2. Элдик календарь боюнча июнь айы. *Капырай, Кулжа айынын капортосуна чейин күндүн мурду сыныкпады... Ушул жакшылык дейсиңби!.. Мунун баары тиги кан күйгөн казаттын капшабы го!.. Ай жараткан* (Өмүрбаев).

**КУЛЖАЧАР** Жетиле элек кичине кулжа.

**КУЛЖУГУЙ** Тоң, ийкемсиз адамга карата айтылат. *Эшиктен энтигип кирип келген кулжугуй киши отургандарды сыдыра карады да унчукпай барып отуруп калды* (»Ала-Тоо»).

**КУЛЖУЙ** Тоң, ийкемсиз болуп көрүнүү.

**КУЛЖУЙТ кулжуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛЖУКТА кулжуңда** менен бирдей. *Куттук менен мен келсем, Кулжуктадың уруштуң* («Эр Төштүк»).

**КУЛЖУҢДА** Кулжуң-кулжуң этүү. *Кулжуңдаба, көсөө аке, Кудайга жакпайт мүнөзүң* (Токтогул).

**КУЛЖУҢДАТ кулжуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛЖУҢДОО кулжуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛЖУҢ-КУЛЖУҢ ЭТҮҮ** Мойну-башын, ийнин кыймылдатып, тескериленген, макул болбогон, жактырбаган кыял көрсөтүү.

**КУЛЖУЮУ кулжуй** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛИНАР** Кулинария иши боюнча адис, ошондой адистиги бар адам.

**КУЛИНАРИЯ** Тамак бышыруу, тамак даярдоо искусствосу, ошол иш боюнча устаттык.

**КУЛК I** Кылык-жорук, жүрүм-турум, мүнөз. *Кулку жаман. Кулку бузук. Миргүлдүн кулк-мүнөзү дал атасын тартыптыр.*

**КУЛК II: кулк эттирүү** Тамакты ушундай дабыш чыгарып жутуу, шап жутуп жиберүү. *Абышка оозуна аракты куйду да, кулк эттирип жутуп, нанды чайнай баштады* («Ала-Тоо»).

**КУЛКУ** Кулактын ичинде пайда болуучу сары түстөгү майланышкан зат.

**КУЛКУЛДА** Сугалактык, опкоктук кылуу, ач көздөнүү. *Тамак издеп кулкулдап, Түлкү жүрөт сай менен* («Кыргыз эл акындары»). *Чекеси тердеп, колу жоорубай кузгунча кулкулдаган, түлкүчө жойлогон Асандын атын өчүргүн* (Бөкөнбаев).

**КУЛКУЛДАБАТ** (кул ху аллаху ахад) Курандын 112-сүрөөсүнүн башкы сөзү.

**КУЛКУЛДАК** Кулкулдаган ач көз, алкы бузук, тойбогон, нысапсыз.

**КУЛКУЛДАТ кулкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛКУЛДОО кулкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛКУМ** *туурасы:* **кулкун.**

**КУЛКУН** 1. Жеген тамак-ашты жута турган жер, орган. 2. Напси, алкым. *Молдо-кеңдин кулкуну баарынан да чоң болууга тийиш* (Абдукаимов). *Келечек жагың ойлоп көр, Кеңейип барат кулкунуң* («Чалкан»). *Ооз омуртка кулкуну, Кеткен экен быркырап.*

**КУЛКУНГА КУЮУ** Кимдир бирөөнүн же

көпчүлүктүн акысын жеп алуу, жок кылуу. *256 миң сомду кулкунга куйгандыгын азыр райондук, областык тергөө органдары жакшы билишет* («Чалкан»). **В.: Кулкунга салуу.** *Кулкунга салып коюп билмексен болуп компойгондор жок дейсиңби* («Ала-Тоо»).

**КУЛКУНУ АРААНДАЙ АЧЫЛУУ** Алдым-жуттум болуп, жеп-ичкенди адат кыла баштоо, ага көнө баштоо, жеп-ичүүнү көздөө, ач көз боло баштоо. *Бирок кулкуну араандай ачылып, өзү оронуп жаткан жүндү түрмөгү менен жута баштаганда анын тарбайган суу колу сыртка чыкты* («Чалкан»). **В.: Кулкуну ачылуу.** *Баарынын тең кулкуну ачылып турат* (Кыдырмышев). **Кулкуну бузулуу.** *Ушул кездеги эл жакшысы деп жүргөндөрдүн кулкуну бузулуп бүткөн* (Укаев). **Кулкуну чоңоюу.** *Кулкуну чоңоюп, жүктүү төөнү жүгү менен жута баштады* («Чалкан»). *Билдим сенин напсиңди, Кулкунуңуз чоңоюп Парадан Жалий аксыңбы?* (Бейшеналиев). **Кулкуну кеңүү.** *Жылдан-жылга Өмүрзак байдын кулкуну кеңип, ынсап дегенди билбей чайрекерлерге акы бербей келет* (Абдукаримов). **Алкымы араандай ачылуу.**

**КУЛКУНУ БУЗУК** Жегич, ичкич, алдым-жуттум. *Кулкуну бузук кузгун, ушу сага ишенген мендейлер курусун.* **В.: Кулкуну жаман.** *Кулкуну жаман жигит деп уктум эле, макул болор бекен* («Кыргызстан маданияты»).

**КУЛКУНУНА КУЮУ** Пара берүү, паралап алдын алып коюу. *Башкарманын кулкунуна куюп койгон соң, анын сөзүн сүйлөбөгөндө кантсин* («Чалкан»). **В.: Кулкунуна уруу.** *Ошончо менен кулкунуна урганда кантип жибибей койсун.*

**КУЛКУТАН** *тар.* Бирөөнүн ирегесинде жүрүп, эптеп жан баккан малайлар, жакыр адамдар. *Кечээ эле эптеп күн көрүп жүргөн кул-кутандар өз оокатын өзү эптеп кеткени кожоюнду жиниктирди* (Абдукаримов).

**КУЛОО кула II** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛП кулпу** менен бирдей.

**КУЛПООЛАТ** (Кул хуволлоху ахад) Курандын 112-сүрөсүнүн башкы сөздөрү. *Кулпоолат менен аламдулланы билгендер бар экен, бирок, нике кыюунун жолун билгендер чыкпай койсо болобу* (Мавлянов).

**КУЛПТА кулпула** менен бирдей.

**КУЛПУ** 1. Эшик, дарбаза, сандык, чемодан ж.б. нерселерди бекитүү үчүн колдонулуучу түрдүү формадагы кичине металл буюм. *Кошой аба, кебимди ук, Көкөтөйдүн көп дүйнө, Кулпусун эми ачамын* («Манас»). *Каалгага салып кулпуну, Бекитти тамдын эшигин* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бекилип, белгисиз болуп жаткан сыр, чечиле элек түйүн деген мааниде колдонулат. *Катылып жаткан ырымдын Кулпусун ачып чыгардым* (Токтогул). *Кедей-дыйкан ачкын жердин кулпусун, Жазгын суусуз мейкин чөлдүн тулкусун* (Токомбаев).

**КУЛПУЛА** Кулпу менен бекитүү, кулпу салуу. *Эшикти кулпула.*

**КУЛПУЛАН кулпула** этишинин өздүк мамилеси.

**КУЛПУЛАТ кулпула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛПУЛОО кулпула** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛПУЛУУ** Кулпу салынган, кулпусу бар. *Барпы келгенде үй кулпулуу, караңгы турган* (Байтемиров).

**КУЛПУН** Көрктөнүү, көркүнө чыгуу, кооз, жакшынакай болуп көрүнүү, кулпуруу. *Тукабадай кулпунган, Тулаңы бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев). *Баркыттай жүнү кулпунган, Малы сонун Суусамыр* (Барпы).

**КУЛПУНАЙ** *диал.* Бүлдүркөн. *Кулпунайды эгип жешет.*

**КУЛПУНДУР кулпун** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛПУНТ кулпун** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛПУНУУ кулпун** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛПУР кулпун** менен бирдей. *Кулпурган кең талаа.*

**КУЛТ КОЮУ** Бир жакка кирип кетүү, кетип калуу, тез эле көрүнбөй калуу. *Өтөгөн шашыла ичкериге култ койду* (Абакиров). *Ашырбек Ланичектин туура көздөй шашып баратканын көрдү, ал тез эле Езефтикине култ койду* (Ашымбаев). **В.: Култ этүү** *Коён ийинге култ этип кире качты. Суур ийинден култ этип чыга калды.*

**КУЛТУЙ** Оюн эч кимге билдирбөө, ичинен тынып унчукпай калуу, сыр алдырбоо. *Эртеден бери унчукпай култуюп турган абышкада кандай сыр бар экенин эч ким билген жок* («Чалкан»).

**КУЛТУЛДА** 1. Тынч турбай, ары-бери култ-култ этүү, тез-тез кыймылдоо, козголуу. *Чычкан култулдап, бир орунга токтободу.* 2. Кууланүү, купшуң-купшуң этүү, амалдануу. *Мага бирди айтып, сага бирди айтып, култулдап жүргөн куулар да жок эмес* («Ала-Тоо»).

**КУЛТУЛДАК** 1. Култ-култ этип, ордунда тынч тура албаган, тынчы жок, ойдоломо. 2. Култулдаган, купшуң-купшуң эткен митаам, ойт берме, куу.

**КУЛТУЛДАТ култулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛТУЛДОО култулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛТУҢ-КУЛТУҢ ЭТҮҮ** Кубанычы, сүйүнүчү койнуна батпай күдүңдөө, ичинен кубанган көрүнүштө болуу.

**КУЛТУҢДА** 1. Кубанган көрүнүштө култуң-култуң этүү. *Баланын кубанычы койнуна батпай, култуңдап кетип бараткан экен*

(«Ала-Тоо»). 2. Кууланyy, амалданyy. *Сен кургур култуңдаган шумпайсың* («Чалкан»).

**КУЛТУНДАТ** **култунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛТУНДОО** **култунда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛТУЮУ** **култуй** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛУЙ** Унчукпай төмөн кароо, үн катпоо. *Эрке кыз кулуюп астыртан карады* (Байтемиров). *Түгөл эки тууганды элдештирүүнүн аргасын таппай, кулуюп олтура берди* (Бейшеналиев).

**КУЛУН** 1. Жылкынын жаңы туулган төлү, тай болгонго чейинки жашы. *Жаш кулун коолдугу тарткан сүрөт, Даң салып энелерин ээрчип жүрөт* (Мидин). *Тайлар даакы жүнүн таштап, кулундар алда качан кара кулак болгон* (Жантөшев). *Саагаңыман көп калат, Сары кулун эмгенге* (Осмонов). 2. *өт.* Баланы эркелетүүдө же «туяк», «тукум», «бала» деген түшүнүктү билдирүүдө колдонулуучу сөз. *Мээнетиңдин убайын көр, кулунум!* (Сасыкбаев). *Балам, сен да бирөөнүн эркелетип өстүргөн кулунусуң* («Ала-Тоо»). *Сейтек болуп Курманбектин кулуну, Асабасын кыргызымдын көтөрөт* (Закирова).

**КУЛУН КАРА КУЛАК БОЛУУ** 1. Кулундун торолуп калган, эттенип, тыңып калган учуру. Бул куракта кулундун эки кулагынын учтары жана жогорку четтери кара жүн чыгып, карарып көрүнөт. 2. Жыл мезгили, жайдын толук учуру. *Кулундардын баарысы, Кара кулак болду – деп* («Манас» С.О.).

**КУЛУНДА** Төлүн берүү, төлдөө (бээге карата айтылат). *Бээнин, кулундай турган убактысы жетип калган* («Жомоктор»).

**КУЛУНДОО** **кулунда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛУНДУУ** Кулуну бар. *Кулундуу бээ.*

**КУЛУНЧАК I** 1. Кичинекей, жаш кулун. *Кулунчактын териси.* 2. *өт.* Өтө жаш, кичинекей бала. *Курманың болоюн кулунчагым* (Токомбаев).

**КУЛУНЧАК II** 1. Ак гүлдүү, гүлдөрү ичке, узун сөңгөгүнө жабыша чыккан куурай. *Сары айгыр кош канатын серпип кулунчактан кулунчакка учуп конот* (Касымбеков).

**КУЛЧУЛУК** 1. Кулдарды эзип, эрксиз иштетүүгө, кул ээлөөчүлүккө негизделген, кулдук абалда болгон. *Кулчулук доор. Кулчулук мезгил.* 2. Көз карандылык, эрксиздик, кулдук. *Кутулган кез кулчулуктан, ажалдан.*

**КУЛЬМИНАЦИЯ** *аст.* Жарык кылуучу телонун (ай, күн, жылдыз) асман меридианы аркылуу өтүшү. 2. *өт.* Бир нерсенин эң жогорку өөрчүү, чыңалуу күч алуу точкасы, учуру.

**КУЛЬМИНАЦИЯЛЫК** **кульминация** дегенге таандык.

**КУЛЬТ** 1. Табынуу, сыйынуу. 2. Диний ырым-жырымдардын жыйнагы.

**КУЛЬТИВАТОР** Кызылча, пахта талаа-ларында же башка агротехникалык иштерде катар аралыктарды иштетүү, айдалган жерлерди жумшартуу, отоо чөптөрдөн тазалоо сыяктуу түрдүү жумуштар үчүн колдонулуучу айыл чарба шайманы.

**КУЛЬТИВАЦИЯ** Жерди культиватор менен иштетүү. *Кант кызылчасынын аянтын культивациялоо.*

**КУЛЬТИВАЦИЯЛА** Культивация ишин жүргүзүү. *Кант кызылчасы экинчи жолу культивацияланып жатат.*

**КУЛЬТИВАЦИЯЛАН** **культивацияла** этишинин өздүк мамилеси.

**КУЛЬТИВАЦИЯЛАТ** **культивацияла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЛЬТИВАЦИЯЛОО** **культивацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЛЬТУРОЛОГ** Культурология тармагында иштеген адис.

**КУЛЬТУРОЛОГИЯ** Коомдун маданий рухун изилдөөчү илимдин тармагы.

**КУМ** Катуу минералдын (көбүнчө кварцтын) эшилме, куюлма майдасы. *Суу ордуна агып кум, Бозоруп жаткан чөл элең* (Үмөталиев). *Такырайган кум баскан жер, Бүгүн көрсөң башкача* (Бөкөнбаев).

**КУМ ДӨБӨ** Чөлдөрдөгү үстүнө өсүмдүк өсүп тамырланышынан улам бир жерден жылбай турган дөбөлөр.

**КУМ ЖАЛЧАЛАРЫ** Шамалдын соккон багыты боюнча узатасынан созулган, өсүмдүктөр менен капталган же жарым жартылай капталган кум дөбөлөрү. *Кум жалчаларынын узундугу ондогон км, бийиктиги 1ден 80м ге чейин, туурасы жүздөгөн м ге жетет. Кум жалчалары Орто азияга өтө мүнөздүү.*

**КУМ КАЙРАК** Кургак келип, үбөлөнүп турма. *Кум кайрак картошка экен.*

**КУМ КУЛАК** Жакшы укпаган же укмаксан болгон, айтканды тоотпогон кишиге карата айтылат.

**КУМ ТОПУРАК** Тутумунда кум басымдуулук кылган топурак. *Нымданганда кумай топуракка караганда кум топурак ийкемсизирээк келет.*

**КУМ ШЕКЕР** Майда кристалл түрүндөгү кант, шекер.

**КУМАЙ I** Кум, кумдуу жер. *Барган жерин кумайга толтуруп, далай жерди суу каптайт* (Байтемиров). *Айланасы боз кумай, Мээ кайнаткан чөл болот* (Жантөшев).

**КУМАЙ II** Бийик тоолордо жашоочу куштун бир түрү.

**КУМАЙ ТОПУРАК** Тутумунда чопо менен кум көбүрөөк кездешкен топурак. *Диаметри 0,01ммден кичине бөлүкчөлөр кумай топурактын 20-50% ын түзөт.*

**КУМАЙЛУУ** Кумдуу, кумайланган, кумай баскан. *Өйүздө азыраак кумайлуу жер*

*эле* (Мидин). *Чоно кумайлуу беттерди жана бадалдуу тоолорду жаңылбай билүүчү* (Каимов).

**КУМАЙЫК** 1. Жомоктордо айтылуучу алгыр, көргөнүн куткарбас ит. *Куш төрөсү – буудайык, ит төрөсү – кумайык* (макал). *Качырганын кайсаган, Иттин чоңу кумайык* (Тоголок Молдо). 2. Иттерге коюлуучу ат.

**КУМАЛАК** 1. Оюндун түрү. 2. Койдун коргоолу. *Кумалак, кеште, Чакмагың, Камдап койгун баарысын* («Эл адабияты»). *Бир карын майды бир кумалак чиритет* (макал). 3. Төлгө тартууда, тогуз коргоол оюнунда ж.б. колдонулуучу тоголок майда таштар. *Агай кумалак тизип, төлгө тартып олтуруптур* (Сыдыкбеков). *Таштан тандап кырк бир кумалак терип алат* (Убукеев).

**КУМАР** 1. Утуп алуу кызыкчылыгы менен аябай берилип, бир нерсе (акча, мал мүлк ж.б.) сайып, чүкө, карта ж.б. менен ойной турган оюндар. *Кумар ойноп кокуйлап, Коңулда калган сен элең* (Калмырза). *Тиги четте кумар ойноп төртөө отурат* (Жантөшев). *Кумар ойноп акчасын уттуруп жиберип, короо-жайын күрөөгө коюптур.* 2. Бир нерсени катуу эңсегендик, самагандык, ага өтө берилүүчүлүк, кызыккандык, берилип сүйгөндүк. *Сүйгөнүңдүн элеси көздөн учар, Канчалык карасаң да канбас кумар* (Баласагын). *Кумары кануу. Кумары таркоо. Кумары жазылуу. Токтогулдун өнөрүн үйрөнүүгө кумар болушкан* (Бөкөнбаев). *Ай чырайлуу жүзүңдү, Бир көрүүгө кумармын* («Ала-Тоо»).

**КУМАР КӨЗ** Моймолжуган, жоодураган назик көз караш, же абдан сулуу, акылдуу деген мааниде кыздарга, келиндерге карата айтылат. *Куурасам акыл табышар, Кумар көз болсо сүйгөнүм* (Жантөшев). *Оймок ооз, кумар көз, Өзүңө теңтуш алганы* (Барпы).

**КУМАРА** **кумура** менен бирдей. *Ашыр тамакты ичип болуп, бош кумараны тасмага түйүп жатты* (Сасыкбаев).

**КУМАРДАН** **кумарлан** менен бирдей.

**КУМАРДАН ЧЫГУУ** Кумары кануу, чери жазылуу, көңүлү ачылуу. *Бирге жүрүп, бирге ойноп, Бир кумардан чыгалы* (Бөкөнбаев).

**КУМАРДУУ** **кумарлуу** менен бирдей.

**КУМАРЛАН** Кумар болуу, кызыгуу, аябай эңсөө, самоо. *Окумуштуу Ысык-Көлдү көрүүгө дайым кумарланат. Көптөн бери кумарланып жүрүп жеткен асыл жарың жаныңда турат* («Ала-Тоо»).

**КУМАРЛАНТ** **кумарлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУМАРЛАНУУ** **кумарлан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУМАРЛУУ** Кумарланган, өтө берилген, самаган, аябай кызыккан. *Кумарлуу көз караш. Субан күүгө мурдагыдан да кумарлуу* (Каимов).

**КУМАРЛЫК** Бир нерсеге кызыгуучулук, берилүүчүлүк, кумар болгондук. *Бирок мергенге кумарлыктын кусасы күчтүү болду* (Каимов).

**КУМАРПОЗ** 1. **кумарчы** менен бирдей. *Яшвин бузук салттуу, кумарпоз, ичкич киши* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсеге кызыккан, берилген, кумар болгон. *Китеп окуп, музыка укканга өтө кумарпоз Шейшебайдын келгенине Ниязкул кубанып кетти* (Абдумомунов).

**КУМАРПОЗДУК** **кумарчылык** менен бирдей. *Артында калган эки көйрөң баласы зөөкүрчүлүк, кумарпоздук менен жүрүп, эң акырында кара баштары гана калды* (Абдукаримов).

**КУМАРПОС** *туурасы:* **кумарпоз.**

**КУМАРЧЫ** Кумарга берилген, кумарды көп ойногон, анын артынан түшкөн адам. *Кумарчыга кошулуп, Чатагына калбагын* (Токтогул).

**КУМАРЧЫЛЫК** Кумар оюнуна кызыккандык, кумарга берилип, анын артынан түшүүчүлүк.

**КУМГАН** Жезден же чоюндан жасалган, негизинен кол-бет жууп, даарат алуу үчүн жасалган туткасы, чоргоосу бар, кумара тибиндеги идиш. *Колдон чыгып кумганы* («Манас» С.О.). *Жез кумган. Чоюн кумган.*

**КУМДА** 1. Металл буюмдардын датын, кирин кум менен жышып тазалоо. 2. Кумдан тазалоо (мис., эгинди).

**КУМДА ИЗИ КАЛБОО** *к.* **сайда саны, кумда изи жок.**

**КУМДАК I** Кумдуу, куму көп. *Ушул жер кумдак чөл эле* (Үмөталиев).

**КУМДАК II** *туурасы:* **кундак.**

**КУМДАТ** **кумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУМДОО** **кумда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУМДУК** Кумдун, чопонун, карбонаттуу, кремнийлүү жана башка материалдардын аралашуусунан пайда болгон чөкмө тоо тек. *Кумдук курулушта пайдаланылат.*

**КУМДУУ** Куму көп, кум баскан, кумдак. *Какыраган кумдуу чөл, Калаалуу кооз жер болду* (Бөкөнбаев).

**КУМДУУ КУЮН** Жердин кумдуу бетинен кумду соруп алып, мамы сымал уюлгутуп тик көтөрүп айланып учкан куюн. *Кумдуу куюн бет талаштыра уруп, көз ачырбады.*

**КУМДУУ ЧӨЛ** Кумдуу рельеф мүнөздүү чөл. *Кумдуу чөл башка чөлдөргө караганда жер астындагы сууларга бай келип, өсүмдүктөр арбыныраак өсөт да, чарбада жайыт катары кеңири пайдаланылат.*

**КУМИР** 1. Бутпарастардын жасалма кудайы, бут. 2. *өт.* Аздек.

**КУМПА** Күмбөстүн, имараттын жумуру төбөсү. *Сарайдын дал төбөсүндө көмкөргөн казандай кумпалары бар* (Абдыраманов).

**КУМПАЙ I** (куу кумпай) Өзү боз, көлөмү кичирээк өтө алгыр ителги. *Кыргыйдын зорун шумпай дейт, Турумтай зорун кумпай дейт* (Тоголок Молдо).

**КУМПАЙ II** Ынак, жакын. *Кичине чагынан эле Адыл усталар менен кумпай боло турган* («Ала-Тоо»).

**КУМПАЙДАН ТУУЛГАН** Сүйүктүү баатырларга карата айтылган оң эпитет. *Кумпайдан туулган кабылан, Кузгундан туулган куу Кыяз* («Сейтек»).

**КУМПАР** *диал.* Бекерчи, куу чирен, бекер жүргөндү жакшы көргөн.

**КУМПУҢДА кудуңда** менен бирдей.

**КУМСА** 1. Кызтеке. 2. *өт.* Митаам, катаал. *Ыраңында куну жок, Адам соёр кумсанын* (Барпы).

**КУМСАҢДА кумсар** менен бирдей. *Сатар кумсаңдап, Түгөлгө итиркейи келип туруптур* (Бейшеналиев).

**КУМСАР** Ачуусу келип кубаруу, бирөөгө жини келүү, кыжырлануу. *Олтургандардын өңдөрү кумсарып, кабактары салыңкы* (Абдукаримов). *Алтынбектин өңү бузулуп, кумсара түштү* («Ала-Тоо»).

**КУМСАРТ кумсар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУМСАРУУ кумсар** этишинин кыймыл атоочу.

**КУМСАРЫҢКЫ** Бир аз кумсарган, кубарган, кубарыңкы. *Татыбектин өңү күндөгүгө караганда кумсарыңкы* (Байтемиров). *Тумакчан, өңү кумсарыңкы бир киши келе жатты* (Сасыкбаев).

**КУМТУЛА** *туурасы:* **кымтыла.** *Рыскулбек көйнөгүн кумтуланып, жаздыктан башын көтөрдү* (Токомбаев).

**КУМТУН** *туурасы:* **кымтын.**

**КУМУЛДУК** Куулуктан ийлеген насыбай салгыч. *Насыбай салган кумулдугун чыгарды. Муунта байлаган боосун чечип, насыбайынан чымчып алды* (Убукеев).

**КУМУРА** Борсогой карапа идиш. Көбүнчө шарап, суу сактайт. *Түбү чуңкур кичинекей чөйчөккө кумурадан бирдемени куя баштады* (Касымбеков). *Үңкүрдө эки чоң кумура турган эле* («Ала-Тоо»).

**КУМУРСКА** Абдан көп болуп, топ-тобу менен жашоочу майда жандык. *Макулуктун түйшүктүүсү кумурска* (Токомбаев). *Ат-араба көбөйүп, чубап жаткан кумурскадан бетер учу-кыйыры алда кайда* (Сыдыкбеков).

**КУМУРСКА БЕЛ** Бели ичке келген, келишимдүү, сындуу, сыйда. *Эркингүл кумурска бел, көрктүү кыз. Кумурска бел келин жан, Ашык болдум секет жан* («Ала-Тоо»).

**КУМУРСКАДАЙ КАЙНОО** Быкылдап аябай көп болуу, быкпырдай жайноо. *Ашуунун түбүнө шыкалган эл кумурскадай кайнап, толкуп турду* (Элебаев). *Ушул жерде эле кумурскадай кайнап жатышчу эле* (Касымбеков).

**КУМУРСКАНЫН УЛУТУНГАНЫН БИЛЕТ** Анын билбегени жок, баары жоктун баарын билет, өтө айлалуу. *Анын сырын эмгиче билбейсиңби? Ал кумурсканын улутунганын билет* («Ала-Тоо»).

**КУМЧА** Боткок, гүлдүн кутусу. *Жолу арбыйт жоргонун, Гүлү сонун кумчанын* (Барпы).

**КУН** 1. Өлтүрүлгөн адам үчүн төлөнүүчү, берилүүчү чыгым, каражат. *Өлгөнүнө кун бер – деп, Кун алганы дагы бар* («Манас» С.О.). *Былтыркы өткөн эрлердин, Быйыл кунун куубасак* («Эр Табылды»). *Алдыңа келсе, атаңдын кунунан кеч* (макал). 2. *өт.* Бир нерсенин (буюм, мүлктөн тартып малга чейин) баасы, наркы. *Рамондун акысы өзүнүн кунунан ашты* (Бөлөкбаев). *Айланайын атаке, менин куным ушубу* (Турусбеков).

**КУУНА** Кубаныч, шаттык. Тилибиздеги «жыргап-кууна» дегендеги кош сөздүн бири. *Ырчы (Японияда) катуу кыйкырса, ошого жараша артист бийи менен кунага баткаһын билгизип жаткансыды* (Жусупов).

**КУНАБА** Кандуу жаш, катуу кайгы, азаптануу, убараны абдан тартуу. *Санаа тартып саргарып. Дартизар болуп сандалып, Кунаба жутуп кумсарып* (Тоголок Молдо). *Бах! Этият болгула, бармагыңарды кырча тиштеп аласыңар, этиет болгула. Өзүм басып көп кунаба жеп жатып* (Касымбеков).

**КУНАЖЫН** Уйдун эки-үч жаштагы ургаачысы. *Тай кунажын. Кунан кунажын көп сүт берет.*

**КУНАН ЧАБЫМ ЖОЛ** Үч жаштагы жылкылардын алыскы аралыкка чабылышына байланыштырылган кыргыздын эски аралык өлчөмү. Орто эсеп менен 8–10 чакырымга туура келет. *Эки аскердин ортосу, Кунан чабым жол калды* («Манас» С.О.).

**КУНАН** 1. Эки-үч жаштагы эркек жылкы. *Сейитказы кунанды күн сайын тарап, жал-куйругуна илешкен уйгактарды терет. Гүлгаакы, байбиче ага жорго кунан жетелетти* (Сыдыкбеков). 2. Жалпы эле ири малдын ушул жаштагысын билдирүү үчүн колдонулат. *Кунан ноопаз. Кунан кунажын. Кунан өгүз.*

**КУНАНДЫН КУЛАГЫ МЕНЕН ОЙНОО** *к.* **аттын кулагы менен тең ойноо.**

**КУНАР** Касиет, маани. *Көп убакыт өтпөй эле кунажын ылаңдап, сүтүнүн кунары кетти* (Абдукаримов). *Быйылкы жазда жамгыр жок, чөптөр куурап, жердин кунары кетти* (Каимов).

**КУНАРЛУУ** Касиеттүү, маанилүү, куттуу. *Сөзгө чечен билимдүү, Кунарлуу булбул деген бар* (Тоголок Молдо).

**КУНАРСЫЗ** Касиетсиз, маанисиз. *Ал күндөр алыс кунарсыз, Айылда бакыт уралгыс* (Абдукаримов). *Абдыракмандын кийген кийими да жупуну, өзү да кунарсыз, анчейин бир бала* (Сыдыкбеков). *Кунарсызды мак-*

*тасаң, Үйлөп койгон карындай* (Токомбаев).

**КУНАРЫ ЖОК** Жарыбаган, жарытпаган, берекеси жок, алгылыктуу эч нерсеси жок. *Кунары жок адамдар. Кунары жок үй.*

**КУНАС** Моюну, буту узун, илегилек түспөлдүү куш. *Бар берекеси эле мойнуна чыккан кунастан бетер куркуюп* (Даникеев). *Кара кунас, көк кытан, Илегилек, чөкө таан* (Тоголок Молдо).

**КУНАСА** Саран, ач көз, битир. *Кунаса байлардын сазайын берербиз* (Абдукаримов). *Ушундай да кунаса киши болот экен да!* (Абдукаримов).

**КУНДА** Кара курт, уулуу жөргөмүш, тарантул. *Кунда, кунда курт, Атын билген куда курт, Жайын билген кунда курт. Курт куурам, түбүң менен суурам* (Дарым).

**КУНДА ЖОК** Өтө мыкты, ордун эч нерсе менен алмаштырууга болбой турган, бардык жагынан келишкен. *Кунда жок мыкты аргымак. Адамдыгы кунда жок. Жорголугу кунда жок.* **В.: Кунунда жок.** *Дөбөтүм дөбөт кунунда жок эле* (Осмоналиев).

**КУНДАК I** Атыла турган (мылтык, замбирек ж.б.) куралдардын ийинге такап мээлеп атууга ылайыкталган арткы, жазы бөлүгү. *Казак аюуну кундак менен тумшукка коюп жыккан* (Сыдыкбеков). *Арчадан кундак ойдурган, Алмадан шыйрак жондурган* (Тоголок Молдо). *Замбиректин кундактары сороюп, көздүн жоосун алды* (Сасыкбаев). *Кундагы чирип аз калган, мылтыгыңар бар бирден* («Эл адабияты»).

**КУНДАК II** Жаңы төрөлгөн баланы (бешикке салганга чейин) бөлөй турган койдун жүнүнөн же төөнүн чуудасынан жасалган төшөк. *Кундактагы жетим* («Семетей» С.К.). *Ал алачыкка кирер менен, балага жасалган кундактын башындагы түйүнчөктү ала койду* (Токомбаев).

**КУНДАР** Өлгөн адамдын кунун төлөөгө аргасыз адам.

**КУНДУЗ** 1. Териси баалуу, сууда жашоочу кара күрөң түстөгү сүт эмүүчү жырткыч жаныбар. *Будурунда бугу бар, Кумдак сууда кундуз бар* («Манас»). *Кылычтын көркү курчунда, Кундуздун көркү сыртында* (Токтогул). 2. Ушул жаныбардын териси. *Кундуз тебетей. Жабык баштын жээгине Карыш кундуз кадалган* (Бөкөнбаев). ‖ Ушул жаныбардын терисинен жасалган кийим. *Кыздарыкиет кыргыздын Кымбат баа кемсел кундузду* («Курманбек»). 3. Ушул жаныбардын терисиндей (түсүндөй) жылтылдаган чачка карата айтылат. *Өрүлүп аркасына кундуз чачы, Чийилип тууган айдай эки кашы* (Үмөталиев). 4. Аттын туягынын үстү жагына түшүп турган кырка жүнү жана аттын шыйрагынын ушул тушу. *Аттын кундузунан кан алыптыр.*

**КУНДУЗДА** Баш кийимге, сырт кийимдин этегине, жендеринин учуна, туш кийизге ж.б. кундуздун терисинен жалгап тигүү, кундуз кармоо.

**КУНДУЗДАЛ кундузда** этишинин туюк мамилеси.

**КУНДУЗДАТ кундузда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУНДУЗДОО кундузда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУНЖУТ** Данынан май чыгаруу үчүн өстүрүлүүчү өсүмдүк. *Жыл үзбөй адам топ-топ биздин элден, Ханга деп пахта, шалы күнжүт эккен* (Абдыраманов).

**КУНИК** *диал.* Серт, көрксүз, сулуу эмес. *Алардын бул көрүнүшү көзүмө алда кандай куник учурады* (Абдыраманов). *Аз да болсо көптөй көрүп, куник болсо да түзүк деп ушуну канжыгага байлана кетиңиз, хан тагасы* (Касымбеков).

**КУНКОР** Бирөөнү майып кылып, өлтүрүп коюп, кунуна калган, кун төлөөгө дуушар болгон күнөөкөр. *Бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрсөң, кункор болуп каласың* (Сыдыкбеков)

**КУНСУЗ** 1. Киши колдуу болуп өлүп, бирок куну төлөнбөй, айыптуу кишиси жазага тартылбай калган адамга карата айтылат. *Өлсө – кунсуз, сатса – пулсуз* (Жантөшев) 2. *өт.* Баа жеткис, абдан кымбат, эң мыкты. *Кокус көрүшпөй калышса, экөөнүн тең ичтери тызылдап, кунсуз бирдемесин жоготкондой болушат* («Ала-Тоо»).

**КУНТ** Бир нерсеге көңүлүн салган, ыкыласын койгон абал, ынтаа, назар. *Ишке кунт коюу. Жаштар жазуучунун сөзүнө кунт коюп угуп турушту* (Каимов).

**КУНТТАН** Кунт коюу, көңүл бөлүү, ынтаасын салуу. *Кычан түбү түшкөн, чака, чайнектерди туптөөнү үйрөнүүгө кунттанып жүрдү* (Бейшеналиев).

**КУНТТУУ** Бир нерсеге ынтаалуу, кунту бар, көңүлдүү.

**КУНУ** Суусар түркүмүнө кирүүчү териси баалуу жырткыч жаныбар.

**КУНУ АЙБАНАТ ӨНДҮРҮШҮ** Терисинен буюмдар жасалуучу куну айбанаттарга аңчылык кылуу, териден башка эт жана май да берүүчү. *Куну айбанат өндүрүшүнүн негизгилери: суур, күсөн, тыйын чычкан, ондатра, калтар түлкү, кундуз, булгун ж.б.*

**КУНУ ДАРЫ** Канын ичүүгө даяр, өлтүрүүгө даяр деген мааниде. *Ал – Каныбек, мындагы Айдарбек датка гана эмес, Кашкардагы Зуннахун бекке да куну дары экенин билебиз* (Жантөшев).

**КУНУ КЕТҮҮ** 1. Берекеси кетүү, пейли тарую. *Берекесиз байлардан Пейил менен кун кетет* (Токтогул). 2. Мурдагысындай болбой начарлап калуу. *Курүчбектин куну кетти. Заман түрүн байкаган ал жайлоодо чалкалап жүрө берүүнү токтотту* (Осмоналиев). **В.: Кунары кетүү.** *Ал эми кунары кеткен жайытта кайсы мал эт алат.* **Куну качуу.**

*Байдын үйү баягыдай эмес, куну качкан* (Каимов).

**КУНУ УЧУУ** 1. Куну кетүү. 2. Өтө кымбаттоо, баасы жогорулап кетүү. *Базардын куну учту. Алтындын куну учту.*

**КУНУК** *туурасы:* **куник.**

**КУНУТ** 1. Кулчулук кылуу, жалынуу. 2. Намаз бүтөөрдө эки жагына салам бергенден кийин кунут дубасын айтып, бата кылуу.

**КУНУШТА** Бир жагына кыйшая тартып жай басуу, жай кыймылдоо.

**КУП I** «Макул», «макул, болот» деген мааниде колдонулат. *Тынчыталык куп десең, Калкыбыздын арасын* («Курманбек»). *Дегенине куп дедик, каршылык кылбадык* («Чалкан»). 2. Абдан, эң мыкты, ойлогондой. *Кызыл жоолук Миргүлгө куп жарашып калды.* 3. Тангыч формадагы этиш сөздөр менен бирге айтылып, «эч», «эч бир», «түк» деген мааниде колдонулат. *Кулдукка кетип бул үчүн, Куп кейибейт мен үчүн* («Сейтек»).

**КУП II** Сын атоочтун **купкургак, купкуу** сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**КУПА** 1. Мусулмандардын маркумдарга орноткон эстелигининин (күмбөзүнүн) төбөсү. 2. Согуш куралдарынын (калкан, туулганын) чокусунун үстүндө ат жабдыктарына (көрчөгө, жүгөн, куюшкан) бастырылган жарым шар түрүндөгү түстүү металлдан жасалган кооздук жасалга. *Алтын купа калканды* («Манас» С.О.). *Кисеси сонун болсун деп, Купалап күмүш койдуруп* («Эл адабияты»). 3. Жалпы эле буюм-теримдин ушундай жасалгасы, кооздугу. *Жүк бурчу бакан ачалуу, Купасын чапкан дилдеден* («Манас»). *Купа баскан шурусу, Аркасында шаркылдап* («Манас»).

**КУПАЙКЕ** *туурасы:* **фуфайка.**

**КУПАЛА** Бир нерсени бетине купа салып кооздоо, купа кылып жасалгалоо. *Купалап күмүш, койдуруп* («Манас»).

**КУПАЛАТ** **купала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУПАЛОО** **купала** этишинин кыймыл атоочу.

**КУПЕ** Вагондун пассажирлерге арналган бөлмөсү. *Жапар ордунан туруп өзүнүн купесине жөнөдү* (Абдумомунов).

**КУПЕ-БУФЕТ** Алыскы сапарга жүргөн поезддин буфет катары жабдылган ар кандай тамак-аш, суусундук сатылуучу купеси.

**КУПЕЦ** **көпөс** менен бирдей.

**КУПКА** Койлор котур жана башка ооруларга чалдыкпас үчүн дары кошуп түшүрө турган атайын көлчүк суу.

**КУПКАЛА** Койлорду купкага түшүрүү.

**КУПКАЛАН** **купкала** этишинин өздүк мамилеси.

**КУПКАЛАТ** **купкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУПКАЛОО** **купкала** этишинин кыймыл атоочу.

**КУПЛЕТ** 1. Ырдын бир нече саптан турган бөлүкчөсү. *Үч куплет ыр. Төрт куплет ыр.* 2. Эстрадада ырдала турган сатиралык же юмордук ырлар.

**КУПОЛ** 1. Үйдүн же башка имараттын жарым шарга окшоп, томпоюп турган төбөсү, үстү. 2. Ушундай формадагы нерсе, бир нерсенин ушул сыяктуу формадагы үстү.

**КУПОН** Баалуу кагаздардын пайызын алуу үчүн кесип алына турган талон. *Облигациянын купону.*

**КУПОРОС** Күкүрт кислотасынын кээ бир туздарынын техникалык аталышы.

**КУПТА** Куп келтире, ойдогудай кылуу, окшотуу. *Таштан шаарын талкалап, Куптап чаап алды эми* («Сейтек»). *Куптап найза сунушуп, Күн болжобой урушуп, Кулжуңдашып көрөйүн* («Сейтек»).

**КУПТАН** 1. Мусулмандар үчүн парз болгон беш убак намаздын эң акыркысы. Караңгы кирип жылдыз толгондо окулат. 2. Ошол намазды окуй турган убакыттан келип чыккан (жылдыз толгондон тартып, түн ортосуна чейин) түндүн бир малы. *Куптанга жакын кезинде* («Манас» С.О.).

**КУПУЛ: купулуна толуу** Көңүлүнө жагуу, толук жактыруу, ыраазы болуу. *Эсен купулуна толгон күү болсо, черте коюп жүрөт* (Сыдыкбеков). *Бул жер биринчи көргөн адамдын купулуна толуп, көңүлүнө жага бербейт.*

**КУПУЛГА ТОЛУУ** *к.* **көңүлгө толуу.**

**КУПУЯ** 1. Эч ким билбегендей, туйбагандай, жашырын, тымызын. *Миргүл Назгүлгө көптөн бери ойлоп келген купуя сырын айтты. Болуп жаткан окуяны купуя баамдаган Кыдырбай түндөн бери көңүлсүз болучу* (Сыдыкбеков). *Анын купуя сыры ачылбай, ар кимге табышмак бойдон кетти* («Ала-Тоо»). 2. Жашырын сыр, эч кимге сезилбеген тымызын нерсе. *Машиналар тилин билген адамга, Кутула албайт купуясын жашырып* (Токомбаев). *Алымкандын бир кумсарып, бир кызарып, кубулуп турган өңү бир купуяны түшүндүрөт* (Бөкөнбаев).

**КУПУЯЛА** Жашыруу, купуя абалда кылуу, эч кимге билдирбөө.

**КУПШУЙ** Түрү суук, жүдөө көрүнүү. *Купшуйган чал.*

**КУПШУҢ: купшуң-купшуң этүү** Куулангандай, амалдангандай кебетеде болуу, шектүү көрүнүү.

**КУПШУҢДА** Купшуң-купшуң этүү, куулануу, амал көрсөтүү. *Кудайназар чал экен, Купшуңдаган жан экен* («Эр Табылды»).

**КУПШУҢДАТ** **купшуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУПШУҢДОО** **купшуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУПЮРА** 1. Кандайдыр бир заёмдун же

баалуу кагаздын айрым облигациясы. Кагаз акчалардын, банкноттордун, облигациялардын жана башка кымбат баалуу кагаздардын үстүнө жазылып коюлган алардын наркы. *Беш сомдук купюра.* 2. Мындай наркка ээ болгон акча же кымбат баалуу кагаздын өзү.

**КУР I** Булгаарыдан, кайыштан же сызма сыяктуу башка материалдан узун жазы кездемеден белди бууп, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчала турган жоолук. *Кайыш кур. Кездеме кур. Казы кур.*

**КУР II** 1. Курулай, куру бекер, эч негизи жок, жөндөн-жөн. *Кумсарып бетиң жашыба, Кур кайгы салып башыңа* (Бөкөнбаев). *Анын оозунан чыккан сөз учуп жоголчу кур жел эмес* (Бейшеналиев). ‖ Эчтемеси жок, жөн, курулай. *Карыпты тааныган айылдаштары аял аларын укканда кур келишкен жок* (Абдукаримов). *Эмгек кылбай тим жатып, Жалкоолор анык кур калат* (Тоголок Молдо). *Кур чакчамды берүүгө болбоду* («Ала-Тоо»). *Кур талааны гүлдөтүшкөн, Зор жеңиштин шерлери* (Үмөталиев). 2. Бош, бекер. *Эл тирилик кылганда, Эсирип уктап кур жатпа* (Токтогул). 3. Жөн эле, калп эле, эч кандай негизи жок, жасалма түрдө. *Ал хахалап кур каткырды* (Бейшеналиев). *Мукактана кур жөтөлдү, Санга кымтылай чапанын* (Токомбаев).

**КУР III** 1. Абдан семиз, эттүү. *Кысыр эмди кур тай. Кур бээ. Кур бука.* 2. Минилбеген, урунбаган. *Үстүнө токум салбадык, Кунанында кур коюп, Асыйында кармадык* (Бөкөнбаев).

**КУР IV** 1. **курдай** менен бирдей. *Төрт кур келдим* 2. Жашы бирдей, тең, бир катар деген мааниде колдонулат. *Бир кур балдар. Бир кур келиндер.*

**КУР V** 1. Бир нерсени жасоо, тургузуу, орнотуу. *Кыштак салсак, бак орнотсок, ГЭС курсак* (Осмонкул). *Имерилиштин төмөн жагына суу өтүүчү ноо курдук* (Сасыкбаев). 2. Бир нерсени өткөрүү, уюштуруу ишке ашыруу аракетин жасоо. *Айлуу түндө кыз-келиндер нечен оюн кургандыр* («Ала-Тоо»). *Аянтчага бүгүнкү сейил куруп чыккан балдар топтолду* (Сыдыкбеков). *Дөбөдө аңгеме куруп отурган абышкаларды көрүп, салам айтып кайрылдык* («Ала-Тоо»).

**КУР VI: кур-кур** Куркураган, курулдап чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Ичи кур-кур этүү.*

**КУР АЛАКАН** Колунда ала келген эч нерсе жок, жөн эле, курулай. *Анан өзүм силерди чакырып алып, аздыр-көптүр жолуңарды кылам, – деди деп, Дарыяхан кур алакан кайта келди* (Жантөшев). *Кур алакан кантип барабыз деп, аялым көңүлдөнбөй койду.* **В.: Куру алакан.** *Кудая шүгүр, азыр куру алакан эмеспиз* (Саатов). **Куру кол.** *Табийгый кырсыктын кесепетинен эмгектери бекерге кетип, түшүмүнөн куру кол калган калкка ачарчылык коркунучу туулду.* **Кур кол.** *Чоно эл жатарда келди, бирок кур кол экен* (Каимов). *Колхозчуларыбыз да эгинден кур алакан эмес* (Баялинов).

**КУР ДЕГЕНДЕ** Эч болбосо, эч болбогондо, жок дегенде. *Айлыңар каерде болот, кур дегенде ушуну билип алайын* (Абдукаримов).

**КУР ДҮРМӨТ** 1. Огу жок жалаң гана дары салынган дүрмөт. *Аларды кур дүрмөт менен коркутмакчы болду* («Ала-Тоо»). 2. Куру кайрат, натыйжасыз аракет, жөн гана опуза. *Ал бечаранын колунан эмне келер дейсиң, кур дүрмөт да* («Чалкан»). **В.: Куру дүрмөт.** *Алыбек куру дүрмөт менен заңгырата бир атып койду* (Жантөшев).

**КУР ЖАЛАК КАЛУУ** *же* **таш жалак калуу** Кандайдыр бир нерседен же энчиден куру калуу, эч нерсе албай куру кол калуу, эчтемеге ээ болбой калуу. *Ошондой чуркагандардын көбү кур жалак калышат* (Бейшеналиев). *Байдын жыл сайын жүргүзгөн эсебинен кийин чайрекер кур жалак болуп чыга берүүчү* (Абдукаримов). *Коноктордон бирдеме артса шам-шум этип, артпаса ар дайым таш жалак калып жүргөн шордуулар эл арасында көп эле* (Жантөшев).

**КУР КОЛ** *к.* **кур алакан.**

**КУР ООЗ** Үйдөн бир нерсе ооз тийбей, даам сызбай. *Үй ээси мени кур ооз чыгаргысы келбей, алдыма дасторкон жайды* (Каимов).

**КУР ТУЛУПКА МӨӨРӨӨ** Болбогон, болбой турган, пайдасы тийбей турган бир нерсеге ишенүү, куру бекер үмүткөр болуу. *Көрсө, биз кур тулупка мөөрөп жүргөн экенбиз* («Чалкан»). *Күнүбатча абысыным «куру тулупка мөөрөгөн байкуш!»...* (Касымбеков). **В.: Кур желге семирүү.** *Кур желге семирип, көкүрөктү өргө айдай берүүнүн кимге кажаты бар эле* («Ала-Тоо»).

**КУР ЧАЛУУ** Дос болуудагы бири-бирине сыйлык берүү расмиси. *Кур чалышып дос болуп, жерлик болуп шайланды* («Эл адабияты»).

**КУР ЧИРЕН** *к.* **куу чирен.**

**КУРА** 1. Ар кандай өөн, кесинди, кыйыктарды бириктирүү, куроо. *Курак кура. Курап тигилген ичик.* 2. Үстү-үстүнө кошуп, бириктирип жыйноо, топтоо, куралтуу, көбөйтүү. *Кызматыма даярлап, Кырк жигитти курадым* («Курманбек»). *Ар кимден алып зекетти, Бекер малды курадың* (Токтогул).

**КУРА КӨРҮҮ** Жылдыз төлгө ачуу, жылдыздарга карап төлгө тартуу. *Кура көрүп, бал ачты* («Манас» С.О.).

**КУРАК I** Кандайдыр бир материалдын кесилген, өөнөлгөн бөлүктөрү, кыйыктары, өөнү жана андан жасалган буюм, кийим-кече, төшөнчү ж.б.

**КУРАК II** Жаш, белгилүү бир жаш өлчөмү. *Анда менин он жетидеги курагым* (Айтматов). *Курагы элүүдөн ашып калган* (Жантөшев).

**КУРАКТАШ** Бир куурактуу, теңтуш, курбу, жашташ. *Жылдызкан өзү менен куракташ орус кыз менен келатат* (Байтемиров).

**КУРАКТУУ I** Курагы бар, куралып жасалган. *Курактуу жаздык.*

**КУРАКТУУ II** Жашы тең, жашташ, куракташ. *Сен курактуу балдар кечинде келип окушат* («Ала-Тоо»).

**КУРАКЧЫ** Курак куроочу уз, бычмачылык-тикмечилик өнөрүнүн устаты.

**КУРАКЧЫЛЫК** Курак менен узангандык, аны өнөр, кесип кылгандык.

**КУРАЛ I** 1. Эмгектенүү, бир нерсе жасоо, куруу үчүн колдонулуучу өндүрүш каражаттарынын, шаймандардын жалпы аты же кандайдыр бир шайман, аспап. *Эмгек куралы. Курал жасоо.* 2. Согуш иштерине колдонулуучу ар кандай жарак-жабдык (найза, жаа, мылтык же башка техникалык каражаттар). *Согуш куралдары, Колго курал алыш, мекенди коргоо, душманга каршы күрөшкө чыгуу.* 3. *өт.* Кандайдыр бир иш аракет, максат үчүн колдонулуучу, багыт берүүчү илимий мүнөздөгү жол-жобо. *Ынтымак биздин негизги куралыбыз.*

**КУРАЛ II** *диал.* Жаш, белгилүү бир жаш өлчөмүн билдирүүчү курак, мезгил, учур. *Жыйырма бешке келгенсийт, Ак келин сенин куралың* (Токтогул).

**КУРАЛ III** 1. **кура** этишинин туюк мамилеси. 2. Оңолуу, жөнгө салынуу, көбөйүү, баюу. *Жарды-жалчы куралды, Жаркырап турмуш уланды* (Калык). *Оокатыбыз, малмүлкүбүз куралып, тыңый баштадык* («Ала-Тоо»).

**КУРАЛАЙ КӨЗ** Жоодураган жакшынакай көз. *Куралай көзүң от чачты дилге, Ишенгин, жаным, сүйгөнүм, гүлүм!* (Байзаков).

**КУРАЛДАН** 1. Куралдуу болуу, курал алуу, курал-жарак менен тейленүү. *Куралдан, жолдош, аттангын!* (Токомбаев). 2. Белгилүү бир жол-жобону, илимий негизди ж.б. ишке, кандайдыр бир максатка колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу.

**КУРАЛДАНДЫР куралдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРАЛДАНУУ куралдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРАЛДУУ** Куралы бар, куралданган, курал-жаракка ээ. *Куралдуу аскер.*

**КУРАЛСЫЗ** Куралы жок, жарак-жабдыксыз.

**КУРАЛСЫЗДАН** Куралсыз, жарак-жабдыксыз болуу, курал-жабдыктарын таштоо.

**КУРАЛСЫЗДАНДЫР куралсыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРАЛСЫЗДАНУУ куралсыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРАЛТ курал III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРАЛУУ курал III** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРАЛЫ** *миф.* Жомоктордо айтылуучу чоюн туяктуу, шумдуктуу ат. *Куралы деген жылкы бар, Куйган чоюн туягы* («Манас»).

**КУРАМ** 1. Татаал бирикмелерден турган бүтүндү түзүүчү бөлүктөрдүн жыйындысы. *Республиканын калкынын курамы. Тилдин сөздүк курамы.* 2. Белгилүү бир коллективди, уюмду түзүүчү адамдар. *Комиссиянын курамы. Партиялык комитеттин курамы.* 3. Ар түрдүү элементтерден, заттардан түзүлгөн бирикме. *Дарынын курамы.* 4. Бири-бирине чиркелген темир жол вагондорунун тутуму. *Товардык курам. Курамында отуз-кырктай вагондору бар паровоз ийрилип, бирде жылгага кирсе, бирде коктуну кесип өтөт* (Сасыкбаев).

**КУРАМА** 1. Куралган, бириктирилип, бири-бирине кошулуп, кураштырылып түзүлгөн. *Курама жыйнап журт кылдым* («Манас»). *Курама темир курч болот* (макал). *Республикабыздын курама командасы мелдештен кайтып келди* («Кыргыз Туусу»). 2. *тар.* Башка уруунун адамы, башка уруудан келген, жат, бөтөн. *Кулаалы учат жерине, Курама кетет элине* («Сейтек»).

**КУРАМА САН** Өзүнөн жана бирден башка да бөлүүчүсү болгон натуралдык сан. *4, 16, 120 сандары курама сан болот.*

**КУРАН I** 1. Жаратуучунун, Кудайдын ыйык китеби. – Мусулмандардын эң башкы ыйык китеби. Курандын тексттери кудай тарабынан асмандан Мухаммет пайгамбарга жиберилген. *Аят куран окушуп* («Манас» С.О.). *Кожонун көрчү куралын, Койнуна катып куранын* (Осмонов). *Койчу кыбыланы карап отуруп, куран окугандай күбүрөп бата кылды* (Сасыкбаев).

**КУРАН II** Эликтин же жейрендин эркеги. *Каптал жактан эликтин кураны бакырды* (Каимов). *Ай караган тоо текелерди, оонап өңгүрөгөн эликтин куранын атып келди* (Абакиров).

**КУРАН КАРМОО** Диндик ишеним боюнча өзүнүн күнөөсүз экендигин, актыгын ишендирүү маанисинде Куран китепти кармап ант берүү, актануу. *Менин баламдын актыгын Кудай өзү көрүп тургандыр. Актыгы үчүн куран кармап беремин* (Сыдыкбеков).

**КУРАН КАТМЫ** Куранды баштан аяк окуп чыгуу. *Бул айылда кадырлуулардын арбактарына куран окуган, өлгөндөрдүн жаназасына туруп, курандан катмы түшүргөн жалгыз гана Түнкатар молдо* (Жантөшев).

**КУРАН ОКУУ** Курандын аятынан үн чыгарып окуп, бата кылуу.

**КУРАН ТҮШҮРҮҮ** *дин.* Куранды баштан аяк окуп чыгуу. 2. Куранды толук жаттап чыгуу.

**КУРАН УРСУН** *к.* **Кудай урсун.**

**КУРАНДЫ** Курак, куралган, куралып жасалган. *Мураттын үстүндө кырк куранды чепкени бар, бутунда чарык* (Баялинов).

**КУРАНДЫ МҮЧӨ** Сөздүн маанисин өзгөртүп, жаңы сөз жасоочу мүчө.

**КУРАНДЫЛА** Курандыларды (куракты) бириктирип куроо, кураштыруу, жамоо.

**КУРАНДЫЛАТ курандыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРАНДЫЛОО курандыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРАНКАНА** Куранды окууга жарап калгандык, куран окуй алуу, окуй билгендик. *Атам: «балам эми куранкана болуп калдың. Өлгөнгө куран окууга жарадың, болду» деди.*

**КУРАНТ** 1. Боёкторду кол менен майдалоодо колдонулуучу конус формасындагы аспап. *Куранттар (формасы боюнча башы ылдый караган бокалды элестет) адатта, айнектен же фарфордон жасалат.* 2. Бийик мунарага, же дубалга орнотулган музыкалуу саат жана ал сааттын музыка ойноочу механизми. *Кремль куранты.*

**КУРАТ кура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРАЧЫ** Сынчы. *Курачысы байкаптыр, Баарынан кыйын чыгарын* («Эл адабияты»).

**КУРАШ кура** этишинин кош мамилеси.

**КУРАШТЫР** Куроо, бирин бирине улоо, бириктирүү, кошуп түзүү.

**КУРАШТЫРУУ кураштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРБАКА** Кургакта жашоочу бака.

**КУРБАЛ** *диал.* Курбу, курдаш. *Курбалдаштын көзүнчө катуу кагуу жеп, Көкө шалдая түштү* (Касымбеков).

**КУРБАЛДАШ** Жашы жагынан бири-бирине курбу, курдаш, тентуш, жашташ. *Даутахун Алыж менен Лиге курбалдаш* (Жантөшев).

**КУРБАН** *туурасы:* **курман.**

**КУРБУ I** Жашы боюнча бири-бирине курдаш, теңтуш. *Кадырлаш курбу-курдаштар, Каткырып ойноп, дуулаган* (Казыбек). *Курбу кыздардын ичинен Суусарды Жылдызкан ысык көрүүчү* (Байтемиров). *Тегеректеген курбулары Соняга куттуктоо сөздөрүн айтууда* (Сасыкбаев).

**КУРБУ II** Бир нерсенин кыр болуп чыгып турган бөлүгү, жээги, кыры. *Казандын курбусу. Ала барчын түнөгөн, Аскалуу курбу кызыл таш* (Токтогул).

**КУРБУЛАШ** Курбулук, теңтуштук жашы бар, бири-бирине курдаш, жашташ. *Куш салсак бирге салабыз, Курбулаш өскөн балабыз* («Курманбек»).

**КУРБУЛУК** Курбу деп айтарлык, тентуштук, курдаштык. *Нурайым курбулук тамашамды түшүнбөй жүрөт. Мадина Мырзагүлгө курбулук пикирин билдирди.*

**КУРБУЛУУ I** Курбусу, теңтушу бар.

**КУРБУЛУУ II** Курбусу, кыры бар. *Кубаныч толкуйт, өлкөдө Курбулуу тоонун көлүндөй* (Бөкөнбаев). *Куланбай турган аскалар, Курбулуу аска таш беле* (Осмонкул).

**КУРГА** 1. Кургак болуу, суусуз, нымсыз болуп какшуу, катып калуу. *Жыгач отун как кургап, бастырмада жыйылып турат* («Ала-Тоо»). 2. Түгөнүү, жок болуу, басылуу, тыйылуу. *Көз жаштар бая эле кургаган* (Сыдыкбеков). *Жазында жаш жигиттин көңүл чери, Кургады маңдайынан аккан тери* (Шимеев). *Калк чогулуп курчады, Карып энең көзүнөн, Куюлган жашы кургады* (Токтогул).

**КУРГАК** 1. Нымы, суусу калбай кургаган, какшыган. *Кургак отун каласа, Оттун чери жазылат* (Барпы). ‖ Суу жетпей, нымсыз болуп какшыган, какыраган (жер шартына карата айтылат). *Карааны калды көрүнбөй, Кургак жердин четинен* (Үмөталиев). *Курулуш орноп, бак тигип, Шаар болот кургак чөл* (Үмөталиев). ‖ Жаансыз, жаанчачыны жок. *Тулада күз айлары кургак болот* («Аалам»). 2. *өт.* Бекер, куру, курулай. *Аны орундоо үчүн кургак сөздү көп сүйлөбөй иш жүзүндө көрсөтүү керек* (Тойбаев). *Бирок кургак кыял, аргасыз армандын кучагынан бошоно албадым* (Жантөшев).

**КУРГАК ЧЕЧЕН** Дайынсыз көп сүйлөгөн, сөзүнүн мааниси анча эмес адамга карата айтылат. *Карала башкалардай кургак чечен эмес, бешенеси жарык, жүйөөчүл чечен. Ошо жүйөөчүл чечендигинен бий шайланган* (Бейшеналиев). *Кургак чечен далай-далай сайраган, Тилин бүлөп бекеринен кайрагам* (Турусбеков).

**КУРГАКТА** Кургак кылуу, сууну, ным болгондорун алып, тазалап, кургак нерсе салуу, кургак абалга келтирүү. *Мал короо тегиз жабылсын, Кургактап саман салынсын* (Осмонкул). *Өтүгүңдү кургактап алганың жакшы* (Жантөшев). *Сарай салып астын-үстүн кургактап, Эринбейли келиштирип бакканга* (Осмонкул).

**КУРГАКТАТ кургакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРГАКТОО кургактоо** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРГАКТЫК** Жер бетинин океан менен деңиз суусу каптабаган бөлүгү (материктер менен аралдар). *Кургактыктын жалпы аянты149 млн км$^2$ ден ашык. Кургактыктагы суулардын жалпы көлөмү болжол менен 35,8 млн км$^3$.*

**КУРГАКЧЫЛ** Кургак, жаан-чачынсыз. *Кургакчыл климат чөл жана жарым чөл зоналарына мүнөздүү.*

**КУРГАКЧЫЛЫК** Жаан-чачын болбой, суу аз болуп, дыйканчылыкка, чарбачылыкка оорчулук келтирген катаал шарт, жылдын кургак, какшыма болгон мезгили. *Кандайдыр кургакчылык мезгил болуп, Булактын көбү калды соолуп* (Борбугулов).

**КУРГАН** **курга** этишинин өздүк мамилеси.

**КУРГАТ** **курга** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРГАТКЫЧ** 1. Бир нерсени кургатууга ылайыкталган, кургатуучу техникалык түзүлүш, аппарат. *Косек кургаткыч.* 2. Кургатуу үчүн курулган атайын жай, орун.

**КУРГАТУУ** Суусун сарыктырып, тобрсутуп кургактоо.

**КУРГОО** **курга** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРГУЙ** 1. Кургак кудук. 2. Терең. *Түн караңгы, көз сокур, тайсаң кеттиң, кургуйга* (Айтматов). *Эми бөкөндөр казактын эрме чөлүнө кургуйлап түшүп кеткенден бери, кабыргасы каржайып, улуп-уңшуп отуруп калган* (Айтматов).

**КУРГУР** Бирөөгө боору ачуу, аёо маанисинде айтылат. *Кургур эң эле жаш экен* («Ала-Тоо»). *Куюгуп элден адашкан, Кургурум Током келген беймʼ?* (Эшмамбет). *Өңүңөн да азып калыптырсың, кургурум* (Байтемиров).

**КУРДА** Тегеректөө, айланасына жыйылуу, чогулуу, топтолуу. *Эрте келип курдайлы, Жети атабыз башынан, Көргөн эмес мындайды* (Токтогул).

**КУРДАЙТ** Оюн куруу, тамаша кылуу.

**КУРДАТ** **курда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРДАШ** 1. Курбу, теңтуш. *Жолдон курдашымдыкына кирип, аны кошо ала кетейин дедим* («Ала-Тоо»). 2. Жашы бирдей, жашташ, тең чамалаш. *Курдаштарга тең болдум, барган сайын оңолдум* (Калмырза).

**КУРДАШТЫК** Курбулук, теңтуштук, жолдоштук.

**КУРДОО** **курда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРДУМ** 1. Киргилденип катуу кирген суу. 2. Суунун айлампасы. *Кездешкендин баарысын Курдумга башын тыкты дейт* (Тоголок Молдо).

**КУРДУР** **кур II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРДУУ** Жашы тең, курдаш, жашташ, жаш жагынан тең чамалуу. *Алымкул өзү курдуу жаштардын арасында турат* (Абдукаримов). *Кудайназар агабыз, Атабыз курдуу абабыз* («Эр Табылды»).

**КУРЖУН** Арта салынып жүрүүгө ылайыктап жасалган, ортосу бириктирилген эки көздүү баштык. *Алымкул куржунга керектүү нерселерин сала баштады* (Абдукаримов). *Адыл атындагы куржунун алып, үйгө карай басты* (Жантөшев). *Бегайым куржунду чече баштады* (Жантөшев).

**КУРЖУН-КЕЧЕ** Жол жүргөндө өзү менен ала жүрүүчү куржун, баштык же башка нерселердин жалпы аты. *Бурулча куржун-кечесин босогого коюп, ичигин чечинди* (Баялинов).

**КУРЖУН СӨКТҮРҮҮ** Үйлөнүү тоюндагы каадалардын бири, кудалар алып келген кешикти байбичелердин бирине чечтирүү, оозун ачтыруу.

**КУРК: курк-курк** Күрп болгон тооктун жана кээ бир башка канаттуулардын (кузгун ж.б.) куркулдаган дабышы.

**КУРКУГУЙ** Куркуйган, куркуюп турган.

**КУРКУЙ** Ичке, арык, бою узун көрүнүштө болуу. *Көчкүн куркуйган узун бойлуу, сары неме* (Элебаев).

**КУРКУЙТ** **куркуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРКУЛДА** 1. Курк-курк этүү, курк-курк эткен дабыш чыгаруу. *Куркулдап куулар көл сактайт, Куу ылачын чөл сактайт* (Токтогул). *Какылдаган карга жок, Куркулдаган кузгун жок* («Эр Табылды»). 2. Канибет кылбай, ичсем-жесем, дагы алсам экен деп жутунуу, опкоктонуу. *Тамак издеп куркулдап, Түлкү жүрөт сай менен* (Осмонкул). *Куу курсактын камы үчүн, Кузгунга окшоп куркулдап, Ар кимдин жүрбө соңунда* (Осмонкул).

**КУРКУЛДАЙ** Уясын жүндөн, тыбыттан ж.б. өтө чеберчилик менен жасаган короолу сыяктуу кичинекей чымчык. *Шар суунун үстүндө салаңдаган чырпыкка уя салып, куркулдай баласын өстүрөт* (Жантөшев).

**КУРКУЛДАЙДЫН УЯСЫН ТАБУУ** *к.* **үкүнүн уясын табуу.**

**КУРКУЛДАТ** **куркулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРКУЛДОО** **куркулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРКУРА** Кур-кур эткен дабыш чыгаруу, куруулдоо, кулдуроо. *Кумга койгон кучганы, Куркурап чыгып кайнаган* («Манас»).

**КУРКУРАК** Куркурап, кур-кур этип турма, куруулдай берме. *Жылкынын ичи куркурак келери мал менен чоңойгон адамга дайын* (Сыдыкбеков).

**КУРКУРАТ** **куркура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРКУРОО** **куркура** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРКУТ** Куркуйган узун моюн, бою узун кишилерге карата айтылат.

**КУРМА** Таттуу жемиштүү дарак жана анын мөмөсү.

**КУРМАН** *дин.* Диндик эреже боюнча: кудай жолуна садага кылып, кудайга сыйынып мал союу ырымы.

**КУРМАН АЙТ** Мусулмандардын курмандык чала турган диний майрамы. *Байлар же башка ооказтуу кишилер аш-той берген күндөрдө, курман айт мезгилинде гана кембагалдар кеңирирээк тамак-ашка ээ болушат* (Абдукаримов).

**КУРМАН БОЛУУ** Белгилүү бир максат үчүн, эл-журттун ж.б. камы үчүн жанын кыйып, өлүм табуу, өлүмгө баруу. *Калыгул*

*согушта курман болуптур* («Кыргызстан аялдары»). *Эл үчүн курман болсок мейли* (Калаев). *Ар-намыс үчүн, эркиндик үчүн курман болушту алар* (Абдыраманов).

**КУРМАН ЧАЛУУ** 1. Кудай жолуна, адамга арнап, кудайга сыйынып мал союу. *Баарынын алдына туура тартып ноктону тыгыз кармаган жигиттин колундагы жалкуйругун сапыра ойноктогон ак боз бээни, кудай-арбакка сыйынып курман ча-лышты* (Бейшеналиев). 2. Ошондой максат менен адамды өлтүрүү, өлтүрүп коюу. *Залимдер, кан ичерлер курулушка канча момундарды курман чалышпады* (Бейшеналиев). *Кызыңды курман чалбагын, Куруган эски намыска* (Маликов). **В.: Курмандыкка чалуу.** *Анын хан көтөрүлүшүнө курмандыкка чалынчу жаныбарды, Калпага туура тартышты* (Бейшеналиев). *Ала турган байгеңди айтчы, баламды курмандыкка чалсам да сенин жогуңду табайын* (Жантөшев). *Колго тийсе атасы, Курмандыкка чалалык* («Манас»).

**КУРМАНДЫК** *дин.* Курман үчүн союлуучу мал. *Курмандык чалуу. Курмандыкка чалат деп* («Семетей» С.К.).

**КУРМУШУ** Эски кийизден жасалган белбоо, кур.

**КУРОК** Мылтык, тапанча сыяктуу атылуучу куралдардын пистонду уруп, ок чыгара турган (от алдырган) механизми, тээк.

**КУРОО** **кура** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРОРТ** Дарылыгы бар ар кандай табигый каражаттары (минералдуу булактар, дарылыгы бар баткактар ж.б.) болуп, дарылануу, эс алуу үчүн пайдаланыла турган атайын жай. *Курортту карап турсаң эң бир кызык, Оргуштайт жер алдынан суулары ысык* (Шүкүрбеков).

**КУРОРТОЛОГ** Курортология жагына адистешкен медицина кызматкери.

**КУРОРТОЛОГИЯ** Дарылык мааниси бар жайлардын ар кандай илдетке таасир кылуучу касиеттерин, дарылоо жагына кандайча пайдаланууга боло тургандыгын изилдөөчү медициналык илим.

**КУРОРТТО** Эс алуу, дарылануу үчүн курорт жайларга баруу, курортто болуу. *Баштагы директор окуу тарары менен жайлоолоп же курорттоп кетүүчү* (Сыдыкбеков).

**КУРП** *диал.* Күч, кубат ал. *Козголорго курпум жок.*

**КУРС** 1. Кеменин, самолёттун ж.б. жүрүү багыты, жүрө турган жолу. 2. Белгилүү бир саясий максатты, ишти көздөгөн аракеттин негизги багыты, бет алган тарабы. 3. Жогорку окуу жайында өтүлүүчү кандайдыр бир илимдин же анын айрым бөлүгүнүн системалуу түрдө баяндалышы жана ошондой баяндоолорду камтыган окуу китеби. *Кыргыз адабияты тарыхынын кыскача курсу. Адамдын анатомиясынын курсу.* 4. Жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуунун белгилүү бир баскычы, жылы жана ошол баскычта окуп жаткан студенттер. *Сабыр техникумдун үчүнчү курсун бүтүрүп, каникулга келген* (Сыдыкбеков). ‖ Кандайдыр бир адистик боюнча кадр даярдап чыгаруучу окуу жайы. *Мугалимдер сырттан окуу, кайра даярдоо курстарына кетишкен* (Бейшеналиев). 5. Дарылоо, дарылануу чарасынын толук айлампасы, бүткүл көлөмү. *Дарылануу курсу.* 6. Валюталардын, баалуу кагаздардын, акчалардын наркы, баасы.

**КУРСАГЫ ООРУУ** 1. Бирөөгө жан тартуу, аны аёо, боор ооруу. *Бала чырылдап ээрчип турса, курсагың ооруйт экен* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсеге ичи тарып, бергиси келбей кыйылуу, кызгануу. *Курсагың ооруп турса, жөн деле кой деди, оюн-чындан* («Кыргызстан маданияты»).

**КУРСАК** 1. Адамдын же башка жаныбарлардын карын, ичеги, боор ж.б. ички органдар жайгашкан дене бөлүгү, ичи. *Чоң курсак торуну баса теминген Мукаш эки арабаны Сабырга тапшырды* (Сыдыкбеков). 2. Карын. *Биз түшкү тамакты ичпесек да, курсагыбыздын ачканын унуттук* (Каимов).

**КУРСАК КАЙНОО** Ичи күйүү, ачуулануу, туталанып, кыжыры келүү, жаны кашаюу. *Азыр курсак кайнап, ич күйүп, куруп турган кезегим* («Сейтек»). *Опол тоодой ойрон шер, Жаңы өлгөндөй болушуп, Курсак кайнап, жан күйүп, Дене бошоп, кан күйүп* («Семетей»).

**КУРСАК КАМПАЙТУУ** Тамактан тоё ичүү, абдан тоюу. *Булар аттангыча курсакты кампайтып алайын* (Бейшеналиев).

**КУРСАК КӨТӨРҮҮ** Кош бойлуу болуу, боюнда болуу. *Сейдеш курсак көтөрүп калган, ал атлас көйнөгүнүн үстүндөгү көгүлтүр кемселинин ачык боорун кымтыламыш этип, бир көргөн адамга байкалбаган торсойгон курсагынан кымырылган калыбында моймолжуду* (Бейшеналиев).

**КУРСАКТАШ** Бир энеден төрөлгөн, уялаш, жатындаш.

**КУРСАКТУУ** Курсагы чоң, семиз.

**КУРСАН** *диал.* Ыраазы, көңүлдүү. *Иштеген жеримен курсан болуп кайттым.*

**КУРСАНТ I** 1. Курста, (курстук окуу жайында) окуп жүргөн адам. 2. Аскердик мектепте тарбиялануучу.

**КУРСАНТ II** Бир нерсеге кубануу менен ыраазы болгондук, абдан алымсынгандык. *Намыс колго тийип, каршылаштарыбызды багынтканыбызга аябай курсант болдук. Аздыр-көптүр кол кабыш, кылганыма курсантмын* («Ала-Тоо»). *Кулпунуп ачып багыңды, Курсант кылды жаныңды* (Токтогул). *Курсант тилеп Кудайдан, Кут-карса – деп, убайдан* (Казыбек). *Курсант кылар ар жерде, Бирге жүргөн кишиңди* (Эл ырлары).

**КУРСИВ** *полигр.* Оң жакка жантайыңкы болуп басылган, кол жазманыкына окшош келген типографиялык арип (шрифт).

**КУРТ I** Омурткасыз майда жаныбарлардын жалпы аты. *Мите курту. Тыттын жалбырактарына тойгон курттар барсайып калыптыр* (Касымбеков).

**КУРТ II** *эск.* Бөрү, карышкыр. *Мал кушкурттан аман болсо жакында жайлоого көчөбүз.*

**КУРТКА** Кыска сырт кийим.

**КУРТТА** 1. Курт басуу, курт түшүү, курту көбөйүү. *Курттап кучөп кетүү.* 2. Курт түшкөн жаранын ж.б. куртун терүү, тазалоо, куртунан арылтуу. *Атанын жонундагы жарасын ачып курттап, жууп-тазалап дарыдан куюп коюшту* («Кыргызстан маданияты»).

**КУРТТАТ куртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРТТОО куртта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРТТУУ** 1. Курту көп, курт баскан. 2. *өт.* Бир орунда тынч тура албаган балага карата айтылат.

**КУРУ I кур II** менен бирдей. *Тирүү болсом кыз албай, Куру келбейм сандалып* («Курманбек»). *Куру өкүмдүк не пайда, Өз кучүңдү мелжеп ал* («Манас»).

**КУРУ II** 1. Түгөнүү, жок болуу, соолуу. *Ырайымсыз басмачы, Түп тамырың курусун* (Барпы). *Чайнектеги суу кайнай берип куругуча карабапсыңар* («Ала-Тоо»). 2. Азап тартуу, эзилип-кыйналуу, шору кайноо, жүдөө, начарлоо. *Журт куруган экен деп, Канкор Манас камынып* («Манас»).

**КУРУ КОЛ КАЛУУ** Колуна эчтеме тийбей, куру жалак калуу. *Куру кол кала турган болдум* (Жантөшев).

**КУРУ КӨПТҮК** *мат.* Бир да элементи болбогон көптүк.

**КУРУГУР кургур** менен бирдей.

**КУРУЛ кур V** этишинин туюк мамилеси.

**КУРУЛАЙ** 1. Куру бекер, бекеринен, жөнү жок. *Мейман курулай жөтөлүп, которулуп жатты* (Убукеев). *Эч муратка жеткирбес, Курулай чеккен кайгызар* (Элебаев). 2. Эч нерсеси жок, куру бойдон, жөн эле. *Кулдук уруп тай сойбой, Курулай кирип барарбыз* («Эр Табылды»).

**КУРУЛДА** Кур-кур эткен дабыш чыгаруу, кулдуроо. *Ичи курулдайт.*

**КУРУЛДАТ курулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРУЛДОО курулда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРУЛТАЙ** Элдик, коомдук уюмдардын, партиялардын чоң жыйналышы. *Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк курултайы 1992-жылы өткөн.*

**КУРУЛУУ курул** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРУЛУШ** 1. Курулуп, жасалып жаткан ар кандай объект, имарат жана ошол иш жүрүп жаткан жай. *Темир жол курулушу. Үй курулушу. Жол курулушу. Курулушка бардык колхозчулар тартылды* («Ала-Тоо»). *Назаров курулуштун ар жак, бер жагына көз чаптырды* (Убукеев). ‖ Жалпы эле куруу иштери же ушундай иштерди тейлөө тармагы, *Курулуштун жетекчилери менен болгон чогулуштан кийин Байсалов үйүнө кеч кайтты* (Сасыкбаев). 2. Бир нерсенин курулган, уюштурулган, тартипке келтирилген системасы, түзүлүшү. *Айыл курулушу.*

**КУРУЛУШТУУ** Курулушу көп, курулуш көп салынган. *Курулуштуу татынакай кыштак жемиш багына чөгөт* (Сыдыкбеков).

**КУРУЛУШЧУ** Курулушта иштеген адам. *Курулушчулар жашаган аймак. Курулушчу болуп иштөө.*

**КУРУМ КАН** Кара кочкул коюу кан. *Кулчородон ал кетти, кара курум кан кетти* («Семетей»).

**КУРУМ** Көө, ыш (көбүнчө өтө ышталган, көө болгон нерсеге карата айтылат).

**КУРУМДАН** Кара кочкулдануу, караргансып көрүнүү. *Курумданып кызыл кан, Кусуп турат Эр Толтой* («Манас»).

**КУРУМШУ** Өңү өчүп, эскирип калган жаман кийиз. *Эки үзүгү кара курумшудан жасалган алачык – Анархандыкы* (Жантөшев).

**КУРУСУН** Кимдир бирөөнү же бир нерсени жактырбаган, жаратпаган, наалат айткан, нааразы болгон мааниде айтылуучу сөз. *Анын кеби курусун! Жалгыздын иши курусун! Адам болбой курусун!*

**КУРУТ I** Тоголоктоп кургатылган сүзмө. *Эрмек агасы берип кеткен курутту эки күнгө чейин түгөтө албады* (Абдукаримов). *Курутун күнгө кактаган, Катынын кыздай мактаган* (Калмырза).

**КУРУТ II куру II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРУУ I кур V** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРУУ II куру II** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРУУЧУ** Курулушта иштеген, куруу иштерин аткарган адам.

**КУРУШ I** 1. Дененин же башка нерсенин (катыган тери, жаргак ж.б.) жазылбай тырышып, курушкансып турган жери. *Жайы-кышы куруш денең жазылчу эмес, Саратан жай аптабын төксө деле* (Абдыраманов). *Керилип кетмен чаппасам, Курушу кетпейт далымдын* (Маликов). 2. *өт.* Көңүлдүн чери, кайгы-капа, бук. *Бала баатыр Курманбек, Бар курушу жазылды* («Курманбек»). *Жаңылбай сайра, кызыл тил, Жазылып кетсин курушум* (Токтогул).

**КУРУШ II кур V** этишинин кош мамилеси.

**КУРУШ III** 1. Суу болгон нерсе (мис, тери, жаргак) кургап, курушкан, куучуюп катып калган абалга келүү, тырышып калуу. *Куугунтук көрүп душмандан, Курушуп барат ай далым* (Токтогул). 2. *өт.* Жактырбаган, ачуусу келгенин кейип көрсөтүү, кыжырлануу. *Мейман келсе курушуп, Бет алдырбай урушуп* (Тоголок Молдо).

**КУРУШТУР куруш III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРУШТУУ** Өткүр, тайманбас. *Куруштуу болсок баарыбыз, Баатырлык бакты алабыз* («Эл адабияты»).

**КУРУШУУ куруш III** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРЧ** 1. Болот, абдан катуу металл. *Курчтан кылган сыр найза* («Манас»). *Үч миң тонна курчту завод суткасына өлкөгө берип турган* (Бөкөнбаев). 2. Кесүүгө, саюуга ж.б. ылайыктап курчутулган, өткүр абалга келтирилген, мокок эмес. *Курч бычак. Курч чалгы.* ‖ Жашык эмес, катуу. *Курч темир.* 3. *өт.* Өткүр, тайманбаган, жалтанбаган, эр жүрөк, кайраттуулук, өтүмдүүлүк, эрдик. *Курч жигит. Жоого көрсөт курчуңду* (Токтомушев). *Кулчоронун кайраты бар, курчу бар, Кагыша турган сырты бар* («Сейтек»). *Камоодо жүрүп нечен жыл, Түгөнүп келдим курчумдан* (Токтогул). 4. *өт.* Ыкчам, өкүм. *Курч быштыны ыргыштата камчылап, тизгинин жыя-жыя чытырайм* (Касымбеков). *Курманбектин Койкүрөң Өрүүгө чапса курч экен* («Курманбек»). 5. *өт.* Таасирлүү, адамга тез таасир эткен, таасын айтылган, өткүр (кимдир бирөөнүн тилине, айткан кебине карата). *Тили курч. Курч айтылган кептер. 6. өт.* Катуу, өткүр, кызуу мүнөздө. *Жергиликтүү кадрларды даярдоо маселеси курч коюлган* («Чалкан»). 7. *өт.* Күчтүү, кубаттуу (ачкылдыгына, ачуулугуна же майдын күчүнө карата айтылат). *Сабадагы курч кымыз, Бал кошкондой кайнаган* (Барпы). *Кыпкызыл экен чайыңар, Курч экен сары майыңар* (Маликов). 8. *өт.* Таасын көрө алган, өткүр, көрөгөч. *Көзү курч.* Кулактын курчун кандыруу – уккулуктуу, кызык кептен салуу, сезүү, ыры ж.б. жагымдуу, кызыктуу болуу. *Кулактын курчун кандырган, жомоктуу сергек эл экен* (Токомбаев).

**КУРЧА** 1. Жип, кур ж.б. менен айландыра байлоо, тануу. *Гүлсүндүн белин жибек жоолук- менен тарта курчап, кымкап чепкен жабыштырып* (Сыдыкбеков). 2. Тегеректөө, ортого алуу, курчоого алуу. *Солдаттар токойду бүт курчап алышкан* (Жантөшев). *Келгендер чоң столду курчай олтурушту* (Сыдыкбеков). 3. Кучагына алуу, ороо, каптоо. *Кубаныч аябай курчап, көңүл куунак бара жатам* (Таштемиров). *Канчалык кайгы тору курчаса да, Камыгып эч бирине селт этпедим* (Элебаев).

**КУРЧАЛ курча** этишинин туюк мамилеси. *Кубаныч күнгө курчалып, Өңдөрүн шаттык нур чалып* (Үмөталиев).

**КУРЧАН курча** этишинин өздүк мамилеси. *Күзөтчү тонун сыртынан купшуйта курчанып алыптыр* (Сасыкбаев).

**КУРЧАТ курча** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРЧОО I** Курчалган тосмо, бир нерсени курчап турган сырткы дубалы же башка тосмосу.

**КУРЧОО II курча** этишинин кыймыл атоочу. *Иш чатак. Биз курчоодо калган көрүнөбүз* (Жантөшев).

**КУРЧТА курчут** менен бирдей.

**КУРЧТУК** 1. Курчугандык, өткүрлүк (металлдан жасаган куралдарга карата айтылат). *Карып ай балтанын курчтугун билмекчи болуп, мизине бармагын басып көрдү* (Абдукаримов). 2. *өт.* Тайманбастык, өткүрлүк, өкүмдүүлүк. *Каныбек курчтук кылып жибергенине уяла түштү* (Жантөшев). *Курчтук менин башымдан да өткөн* (Абдукаримов). 3. *өт.* Таасирдүүлүк, катуу таасир тийгизе алгандык. *Тилдин курчтугу. 4. өт.* Таасын көрө ала турган көрөгөчтүк, өткүрлүк. *Адатынча сенин көзүң курчтук кылып, мени жер каратты* («Ала-Тоо»).

**КУРЧУ** 1. Курч, өткүр болуу, мокок абалдан курчуган, өткүр абалга келүү. *Бычак курчуду. Курчуган чалгы.* 2. *өт.* Кайратына, күчкубатына келип жетилүү, мурдагысынан өзгөрүлүп чыйралуу. *Эр жүрөк, каарман жумушчу табы болоттой курчуп жетилген* (Бектенов). *Ачуу запкыны канча эскерсем, ошончо кайратым курчуйт* (Сыдыкбеков).

**КУРЧУ КАЙТУУ** Мурдагыдай болбой жумшара түшүү, жалтайлап калуу. *Жаалдуу өкүмдар жаагы карышып, курчу кайтып өкүттө үнүн чыйылдатты* (Бейшеналиев).

**КУРЧУТ курчу** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУРЧУУ курчу** этишинин кыймыл атоочу.

**КУРЬЕР** 1. Мекемеде, ишканада иш кагаздарын тийиштүү жерлерге жеткирип берүүчү адам, чабарман. 2. Кандайдыр бир шашылыш иш, тапшырма боюнча бир жакка жиберилген адам.

**КУС** 1. Ичкен-жегенин кайра оозунан чыгарып таштоо, окшуп таштоо. *Гүлайымдын көңүлү айнып кусат, көзү караңгылайт* (Абдукаримов). 2. *өт.* Алып, жок кылып койгон нерсесин аргасыздан кайтарып берүү, кайта берүү.

**КУСА** Сагыныч, энсөө. *Куса мергендин карт жүрөгүн куйуткө чалдыктырды* (Каимов).

**КУСАДАР** Кусалуу. *Кусадар болуп өзүңдү Жети жыл издеп жүргөмүн* («Эр Төштүк»).

**КУСАЛАН** Куса болуу, сагынуу, энсөө, санааркоо. *Жийдегүл Ашырды сагынып, кусаланчу болду* (Сасыкбаев).

**КУСАЛАНТ** **кусалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУСАЛАНУУ** **кусалан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУСАЛУУ** Сагынычы, кусасы бар, кусадар. *Кусалуу болуп жүрөт.*

**КУСАЛЫК** Бирөөнү сагынгандык, куса болгондук, санааркагандык. *Канткен менен эне-атанын кусалыгы күндөн-күнгө арта берди* (Бейшеналиев).

**КУСАМАТ** Душмандык, кастык, кек. *Кусамат болуп залымдан, Айдалдым эле мен куулуп* (Токтогул). *Ичинде пикир калбасын, Кусаматка баспасын* («Семетей»).

**КУСАМАТТУУ** Кусаматы, кастыгы бар. *Кополов тууралуу кусаматтуулар арасында ар уруу сөз жайылды* (Бейшеналиев).

**КУСАЧЫЛЫК** **кусалык** менен бирдей.

**КУСЕЙНИ** 1. Сонун, көркөм, кооз, сулуу. 2. *өт.* Сүйрү жүзүм, жүзүмдүн бир сорту.

**КУСКУ** Көңүлү айнып, кусуп жиберчүдөй болгон абал. *Кускусу келүү.*

**КУСТАРДЫК** 1. Өзүнчө, өз үйүндө иштеген кол өнөрчүлүк. *Кустардык менен оокат кылуу.* 2. *өт.* Өркүндөтүлбөгөн, жөнөкөй.

**КУСТАРЬ** Белгилүү ишканада эмес, өзүнчө, өз үйүндө кол өнөрчүлүк кылган уста.

**КУСТУР** **кус** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУСУЛ ДААРАТ** *дин.* Денени бүт жууп, толук даарат алуу ырымы. *Кусул даарат аласың, Кудайдын жолун табасың* (Токтогул). *Пайгамбардын жолунда, Кусул даарат колуңда* («Кедейкан»).

**КУСУЛ** **кусул даарат** менен бирдей.

**КУСУМАТ** **кусамат** менен бирдей. *Ичинде пикир калбасын, Кусуматка баспагын* (Эл ырлары).

**КУСУНДУ** Кусканда, окшуганда чыккан зат (ичилген оокат).

**КУСУР** *дин.* Бир нерсени дайны жок кемсинткендик, баалабагандык, кесир кылгандык. *Кыздын жайы ушу деп, Кылбайлык буга кусур деп* (Тоголок Молдо). ‖ Ошонун натыйжасында пайда болуучу күнөө, кырсык, кесепет. *Кусур болуу. Кусур уруу. Кусуруна калуу. Жамандык кылсам жашымда, Жаныма тиер кусуруң* (Токтогул).

**КУСУУ** **кус** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТ** 1. Дин ишениминде асмандан түшүүчү бакты-таалай. *Куюп алган куту жок, Буйрук айтар буту жок* («Манас» С.О.). *Кээ бир кудай сүйгөн үйдүн төбөсүнөн «кут түшөт»* («Ала-Тоо»). *Ар булактын чордону бар сыңары, мекен деген алп сөздүн кут түшкөн очок сыяктуу алакандай борбору болот эмеспи* (Айтматов). 2. Эпосто калмак-кытайлардын бутунун моюнга тагып, же коюнга катып өзү менен кошо алып жүрүүгө ылайыкташтырылган кичинекей элеси, сүрөтү (идол.). *Кутун салып койнуна, Мылтыгын салып койнуна* («Манас»). *Чоюндан куйган куту бар* («Манас» С.О.). 3. Адамдын жаны – адамды жашатып, кыймыл-аракетке келтирип, өмүргө кубат берип туруучу күч. *Атын атаса куту сүйүнөт* (макал). 4. *өт.* Бакыт, таалай, дөөлөт. *Ошондо караңгы түн жарык болуп, Ал жарык сага түштү куттай конуп* (Баласагын). *Үмүттүн энеси менен бөбөктөрүнүн келиши үйүнө кут киргизип, шаттыкка бөлөдү* (Абдукаримов). *Жердин куту кетип, чаң эле ызгыйт* (Абдукаримов). *Коноктун бир конгону – кут, эки конгону жут* (макал).

**КУТ БОЛСУН!** «Буюрсун», «болгону жакшы болуптур» деген мааниде бирөөнү куттуктоо, ага тилек кылуу, каалоо иретинде айтылат. – *Кут болсун, урматы улук Канике айым, биздин азирети ак пашабыздын улук ыракымы* (Касымбеков). *Аккула сизге кут болсун!* («Манас»). **В.: Кут кылсын!** *Курманбекке кут кылсын Канышай жалгыз баламды* («Курманбек»).

**КУТ ЖЫЛДЫЗ** Түндүк тарапта бир ордунан кыймылдабай турган жылдыз, Алтын казык жылдызы деп да аталат. *Кут жылдызды бет алып, Куюлуп качып калды – деп.* («Манас» С.О.). *Алар кут жылдыз чыкканча тарашты* (Сыдыкбеков)

**КУТ ТАРАП (кут жак)** Алтын Казык жылдызы жайгашкан түндүк тарап, түндүк жак. *Күн жүрүштө коосу бар, Кут жагында көлү бар* («Манас»).

**КУТКАЗ** **куткар** менен бирдей.

**КУТКАР** Кутулгандай, боштондук алгыдай абалга келтирүү, кутказуу. *Эзүүчүдөн куткарып, Эрик берген ушул ай* (Осмонкул)

**КУТКАРТ** **куткар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУТКАРУУ** **куткар** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТКАРЫШ** **куткар** этишинин кош мамилеси.

**КУТКАЧ** Кичинекей канаттуу куш.

**КУТКУ** Дүрбөлөң, чыр-чатак. *Эл арасына кутку салуу.*

**КУТКУЛА** Кутку салуу, дүрбөлөң кылып, чакчелекей түшүрүү, тынчын алуу. *Элдин баарын тынч алдырбай, Куткулай берип чабыштырдың.*

**КУТКУН** Куюшкандын ээрге байлануучу жери. *Куюшканын келтирип, Кууткунун түптөк узартып* (Тоголок Молдо). *Куткунун боосун бек байла, Куюлуп түшүп кетпесин* (Калмырза). *Керез куюшкандын куткунунан алып, минейин дегенде, кара кер кунан секирип кетти* (Бейшеналиев).

**КУТКУУ** 1. Жектөө, кодулоо. 2. Араздашуу. 3. *өт.* Ордунан козгоо, кетирүү, кетүүгө себепчи болуу, бар деп жиберүү, жумшоо. *Куткуп мени жеткирген, Кудуреттин иши экен* («Манас» С.О.). 4. **кутку** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТМААРЕК** Кут болсун деген мааниде

айтылуучу сөз. *Минген атың Чалкуйрук, Кутмаарек болсун, кут болсун* («Эр Төштүк»).

**КУТМАН** 1. Бакты, таалай, жыргалчылык, ырыс, береке. 2. Куту бар, кут конгон адам – бакты-таалайлуу, кадырлуу адам. *Кутман келип, кут келип Кудайдын берип салганы* («Манас» С.О.). *Күткөн үйдүн кутманы, Ургаачынын сырттаны* («Эр Төштүк»). *Таанысаң кыргыз – кутман эл, Тартыштан мөрөй уткан эл* (Бөкөнбаев).

**КУТМАНДУУ** Бактылуу, ырыстуу, таалайлуу. *Дүйшөнкул эмгек менен көз жарып, кутмандуу кыргыз элинин койнунда эркелеп өсту* (Бөкөнбаев).

**КУТПА** 1. Мечиттин имамынын жума намазынан кийин, же орозо айт, курман айт намаздарынан соң айткан үгүт сөздөрү же окулган дуба. *Курдаштарың өлгөндө, Көрдүң бекен, Токтогул. Куран окуп, кутпа айтып, Көмдүң бекен, Токтогул* (Токтогул). 2. Нике кыюуда окулуучу дуба. *Никеге кутпа окутуп* («Манас» С.О.).

**КУТПА ТАРАП** *же* **кутпа жак к. кут тарап, кут жак.** *Каныбек кутпа тарапты карап кадалат* (Жантөшев). *Барар жериң түндүктө, Кутпаны алгын маңдайга* («Эл адабияты»). *Жер талабын текшилеп, Болжой карап кутпага.*

**КУТТУК** «Кут болсун!» деген мааниде айтылган каалоо, куттуктоо сөздөр. *Бир боордош туугандарың туш-туштан, Кубанышып куттук айтар күн болду* (Осмонкул).

**КУТТУКТА** Кимдир бирөөгө өз каалоосун, тилегин билдирүү. *Шаанилүү сөөлөт күткөн эркин элим, Кубанып жаңы жылың куттуктаймын* (Бөкөнбаев). *Катыңарда Чакемди куттуктап, куш боон бек болсун дегиле!* (Сыдыкбеков). *Мадина эженин китебинин жарык көрүшү менен баарыбыз куттуктадык.*

**КУТТУКТАТ** **куттукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУТТУКТОО** **куттукта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТТУУ** Бактылуу, ырыс-таалайлуу, кутмандуу. *Куштар болдум даңкына, Куттуу туштук кыргыздын* (Токомбаев).

**КУТТУУ БОЛСУН** *к.* **кут болсун.** *Куттуу болсун Ашыр, келинчектүү болгон турбайсыңбы* (Сасыкбаев).

**КУТУ** 1. Майда буюм-теримдер салына турган кичинекей сандыкча. *Үйдүн ичи чакчелекей түшүп, сандыктар, кутулар аңтарыла баштады* (Абдукаримов). 2. Бир нерсенин сырткы кабы. *Күзгү, жыпар, көз айнектин кутусу* (Токомбаев). 3. Мылтыктын дарысын сактоочу ийленген териден тигилген кичине баштык. *Кутусу куурап, дары жок* («Манас» С.О.). *Тегерек кисе, кутуда, Ок дары баары салынган* («Эл адабияты»).

**КУТУ КАЧУУ** Берекеси кетүү, азып-тозуу, начарлоо, жүдөө. *Дасторконубуздун да куту качып, кылымдар бою өнүккөн салтынан, сарамжалынан, шаанисинен ажырай баштагансыйт* («Кыргызстан маданияты»).

**КУТУ УЧУУ** 1. Бакты-таалайы кетүү, иши кыйшандоо. 2. Үрөйү учуу, аябай коркуу. *Ошол арада жан кулактын учунда болуп, калктын куту уча түшкөн* (Ашымбаев). *Калыбет карыялардын да куту учуп, сабыры кетип, баштары калч-калч эте коломтодогу муздак күлдү чукулап отуруп беришти* (Акматов).

**КУТУЛ** 1. Бошонуу, боштондук алуу, куткарылуу. *Эзүүдөн кутулду, Түрмөдөн кутулуп чыкты.* 2. Жеткирбей, карматпай кетүү. *Туруmтайдан качып кутулган чакчыгай таштын коңулунан чыга калды* (Токомбаев). *Кууган Алмаң жете албай, Коңурбай кетти кутулуп* («Манас»). 3. Милдеттүү болбой, доого калбай, биротоло тынуу, мурдагы абалдан чыгуу, арылуу. *Какылдак ыгым-чыгымдан кутулуп жүрө турган жөнү бар* (Сыдыкбеков). *Карызын төлөп, Маамыт араңдан зорго кутулду* (Жантөшев).

**КУТУЛА ЖАДОО** Абдан көңүлү кайтуу, чыдамы чегине жетүү. *Жалгыз бойлуктан кутула жадаган эне ичинен далай кубанган* («Ала-Тоо»).

**КУТУЛБАС КУЯГА КАЛУУ** Бүтпөй турган чырдуу, зыяндуу окуяга кабылуу, дуушар болуу. *Болбосо өмүр бою кутулбас куяга калбайбызбы* (Айтматов). *Акылы чолок зайыптын тилин ээрчип, кутулбас куяга ошондо калармын, мүшкүл* (Сыдыкбеков).

**КУТУЛТ** **кутул** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУТУЛУУ** **кутул** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТУМ** *диал.* Куу, арамзаа, митаам. *Бул сөздү угуп отуруп, Султанмурат бек «Ыя?.. чын эле кайран бахадур Алымкандын авыладыбы?. Ал эмес дегендер ортодогу кутумдарлар окшойт го?.. деп башы кеңгиреп* олуттуу (Касымбеков).

**КУТУМДУК** *диал.* Митаамдык. *Кутумдук кылса оңолбос. Бек уулдары качан да болсо ушундай кутумдугуңар калбайт* (Көчкөнов).

**КУТУР** 1. Кутурма оорусу менен ооруп калуу, жинденүү, жээлигүү. *Алаканды кокус ит жыттаса, кутуруп кеткендир* (Токомбаев). 2. Жүрүм-туруму, кыял-жоругу өзгөрүлүп, обу жок көөп кетүү, чектен чыгып эсирүү. *Комуз чертип ар кайда, Ырдап жүрсүн кутуруп* (Токтогул). *Кулан кууп кутуруп, Көнгөн Төштүк эмеспи* («Эр Төштүк»). 3. Жаалдануу, өтө катуулоо, күчөө. *Ушул кутурган бороондо сага айылчылашты ким койду* (Сыдыкбеков).

**КУТУРГАН ИТ БАЙЛАСА ЧЫДАГЫС** Адам чыдагыс, чыдоого мүмкүн эмес. – *Кутурган ит байласа чыдагыс, үйдүн ичине киргенден киши заарканат.*

**КУТУРМА** Кутурган жаныбарлардын (кө-

бүнчө иттин, карышкырдын) каап, тиштеп алышы аркылуу адамдарда, айбандарда боло турган жугуштуу оору.

**КУТУРТ кутур** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУТУРУУ кутур** этишинин кыймыл атоочу.

**КУТУЧА** Кичинекей куту. *Стол үстүндө турган татынакай кутучага Турсундун көзү түштү.*

**КУТЧУ** *туурасы:* **кушчу.**

**КУУ I** (ак куу) Өрдөк тукумуна кирүүчү ак түстөгү (карасы өтө сейрек учурайт), мойну узун жана кооз келген, сууда жашоочу келгин куш. *Куркулдап куулар көл сактайт* (Токтогул). *Көрүнгөндү куткарбай Өрдөк, чүрөк, куу аттың* (Жантөшев).

**КУУ II** Оттук чагып тутантуу үчүн атайын даярдалган тез тутанган куурай, отун. *Токтогул кууну күтүп жаткан жигитти тиктеди* (Токомбаев).

**КУУ III** Аркы-беркини байкаган, оңой менен алдыра койбогон амалдуу, митаам, шум, айлакер. *Жолдош болсоң куу менен, Өмүр өтөр доо менен* (Токтогул). *Ар башка ар адамда ар кыл кыял, Бирөө – куу, бирөө – момун, бирөө – кыяр* (Осмонов).

**КУУ IV** 1. Суусу, нымы калбай какшыган, куураган, кургак. *Куу отун. Куу арча. Куу талаа.* 2. *өт.* Тажаткан, айланы түгөткөн, азапка салган, кыйнаган деген маанide колдонулат. *Куу дүйнө. Куу курсак. Куу кекиртек. Куу жан. Куу өмүр. Куу турмуш.*

**КУУ V** Ак, агыш (кээ бир айбандардын, канаттуулардын же сакалдын, чачтын ж.б. түсүнө карата айтылат). *Куу бугу. Куу байтал. Куу эчки. Куу ылаажын. Куу инген. Куу сакал. Куу мурут.*

**КУУ VI** 1. Кубалоо, жетүү үчүн артынан түшүү, жетүүгө аракет кылуу. *Кууп келди Курманбек, Аркасынан камынып* («Курманбек»). *Астындагы Алгара, Куланды кууса куткарбас* («Манас»). 2. Кууп чыгуу, кетип калууга аргасыз кылуу, сүрүү, кубалоо, четтетүү. *Жериме кууду Кудаке, Жээни элем бул элдин* (Үсөнбаев). 3. Издөө, артынан түшүү. *Өгүздөр от кууп кеткен окшойт* (Абдукаримов). *Мастер айткандай жиктерди кууп бургулаш керек* (Сасыкбаев). *Шашкеге чейин из кууп, өзөндүн башына чыктык* (Жантөшев). 4. Артынан калбай доолай берүү, талап кылуу, өч, кек, кун ж.б. алуу аракетин кылуу. *Былтыркы өткөн эрлердин, Быйыл кунун куубасак* («Эр Табылды»). *Аласасын кууп, артынан калбай жүрдү. Кек кууганың болбойт, жарашалы, баатыр.* 5. Мурастык, тектик, салттык изди, белгини сактоо. *Сөөк куу. Тек куу. Ата жолун кууган жок* («Манас»). 6. Малдын же башка айбандардын эркеги ургаачысы менен тукумдашуу катышууда болуу.

**КУУ VII** Таптаган ителгини чакырууда же таранчыдан, жөжөнү кулаалы сыяктуу жырткыч канаттуулардан коруудa колдонулуучу кыйкырык.

**КУУ АШЫК** Иттин жашы. 3–4 жаштагы ит.

**КУУ АЯК** 1. Эч нерсеге жетпеген, жетишпеген, жарыбаган, жакыр. Ээ, *чекеси тердебеген куу аяктарга бөөдө бергенден көрө ошол кудайдын ыйык деген жерине чачып баса бергеним түзүк эмеспи?!* (Касымбеков). *Ошо кара тумшук, куу аяк качырып жоого кире элек* («Семетей»). 2. Төрөбөгөн, согончогу канабаган, баласыз. *Кантейин, кудай бала бербей куу аяк кылып койсо, колуң менен жасап ала албайт экенсиң?!* (Касымбеков).

**КУУ БАШ** Баласы жок, такыр бала көрбөгөн. – *Карыган кезде баласыз, Куу баш атка конуптур* (Токомбаев). *Сен эмне, мени өкмөткө кармап берейин деп келдиңби? Менин атамды да өзүңө теңеп, куу баш кылайын деп келдиңби?* (Абдыраманов). *Тиги карасур зайыптын согончогу канабай, аны куу баш өткөрүп баратат* (Касымбеков).

**КУУ ДАЛЫ** Далысы жабышкан, арык, итий оорусу менен ооруган, итий оорулуу. *Куу далыдан кутулбастан өскөнбү, Сөөгү кыйшык, булчуңу жок сандары* (Маликов). *А балдарынын көбү териси сөөгүнө жабышып, ийнеликтей чилмийип куу далы* (Сыдыкбеков).

**КУУ ЖАТЫН** Такыр төрөбөгөн, согончогу канабаган, туубас. *Ал куу жатының деле Сейдакматтыкында качып отурат* (Айтматов). *Мен сага окшоп согончогу канабаган куу жатын белем ыя?* (Айтматов). **В.: Куу жамбаш.** *Уяла турганы куу жамбаш келинби, беш жылдан бери ийнинен бир пальто түшпөйт* («Ала-Тоо»).

**КУУ ЖОЛТОЙ** 1. *к.* **кара жолтой.** 2. Бактысыз, таалайсыз, ырысы жок. *Канчоронун жоругун, Куу жолтой балам биле албайт* («Сейтек»).

**КУУ КАЗАН** Казан-аягынын берекеси жок, үйүнөн адам тоёрлук тамак-аш бере албаган. *Эсентай куу казан киши эле* («Ала-Тоо»). *Бейкүнөө бирөөлөргө аяк четин тиштетпеген куу казан кишилер экен.*

**КУУ КАЛПАК** Жеткен куу, амалдуу, кытмыр.

**КУУ КАМЧЫ** Урушту, чыр-чатакты жакшы көргөн, уруш-чабыштан башы чыкпаган, чоң муштум. *Куу камчы киши. Жеткен куу камчынын бири эле бечара* («Ала-Тоо»).

**КУУ КАНЖЫГА** Эч нерседен жолу болбогон, дайыма олжосу жок, куру кайткан (көбүнчө мергенчилерге карата). *Куу канжыга курган чал* (фольк.).

**КУУ КАПТАЛ** Абдан куу, митайым, билсе да билмексен болгон анткор, шум. *Куу каптал неме дароо мант берип, сөздү башка жакка чаргытып кетти* (Бектенов).

**КУУ КЕКИРТЕК** Тамагы жаман, өзүмчүл, ичип-жегенди жакшы көргөн. *Азимжан, Турдубайдай куу кекиртектердин отурган жерин кетмендеп салуу керек* (Бөкөнбаев).

**КУУ КУЛАК** Дүлөй, керең, кулагы катуу. *Куу кулак болгон Ашырбай унчуга албады* (Үмөталиев).

**КУУ КУУРАЙ** *аңч.* Оттук ташка куу болуучу куурай.

**КУУ ТАКЫМ** Өтө шум, митайым, эч сөз өткөрбөгөн тапан. *Көрчу, куу такымды, шашпа-а, толорсугуңду кыйдырбасам элеби!* (Бейшеналиев). *Ой, оңбойт ко, бу куу такым!* (Осмоналиев). **В.: Кер такым.** *Бала туруп кер такым болгонуна таңгаласың.*

**КУУ ТЕРДИК** Минген атын бат эле арыктатып жиберген же жакшы багып мине албаган. *Өзү ошондой куу тердик неме тура* («Ала-Тоо»).

**КУУ ТУМШУК** 1. Бактысыз, ырысы жок, байкуш. *Кутулар күнүм болобу, куу тумшук башым жалчыдан* (Осмонкул). 2. Жойпуланган митайым, куу, бирөөгө билдирбей иш жасаган адам. *Ал куу тумшуктун кылбаганы жок* (Сыдыкбеков).

**КУУ ТУЯК** 1. *к.* **куу шыйрак.** 2. Жарыбаган, эч жакшылык көрбөгөн. *А, бу куу туяк төбөсү көккө жеткен кудаанын эркесиндей дөө, шааларды каралагысы бар* (Бейшеналиев). *Куу туяктарды экинчи эшикке жологус кылсамбы дедим эле* («Ала-Тоо»).

**КУУ ТҮЛКҮ** Өтө шум, митайым. *Желкемдин чуңкуру көрсүн, сага окшогон жылмакай куу түлкүнү!* (Бейшеналиев).

**КУУ ЧИРЕН** Курулай жасанган, сылан короз, мактанчаак, колунан эч нерсе келбесе да кекирейип басып жүргөн, көйрөң. *Мындай ырлардын адам убалынан коркпогон көркоолорду, куу чирендерди тымызын каймана шылдыңдаар, өч алар куралга айланары шексиз тура* (Бейшеналиев). *Куу чирен, жөө манаптардан колхозубуз азырынча куру эмес* (Убукеев).

**КУУ ЧОКОЙ** Кембагал, жарды.

**КУУ ШЫЙРАК** Такыр төрөбөгөн, согончогу канабаган, туубас. – *Ээ, ошону койсоңчу! – дейт. – Коколой башы, бир куу шыйрак катын менен өтмөк болду го* (Осмоналиев). **В.: Куу туяк.** *А эгер мен кокус болсом, тиги сенин куу туяк кызыңды ким алат? Ыя, ойлодуң беле ошону!* (Айтматов).

**КУУ ЭТЕК** 1. Өтө жарды, томаяк, кедей. *Куу этек Шаршеге окшогон айылдаштары эле* (Сыдыкбеков). *Молдо Байымбет молодой чокчойгон чатырын куу этек жардылардын алачыгынын ортосуна кондуруп менин журтумду ээлегенсип сөөлөттөнөт* (Бейшеналиев). 2. Бала көрбөгөн, бала-чакалуу болбогон, төрөбөгөн. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт таенеси* (Айтматов). *Артында туяк калбасына жаны кейиди да, куу этек катынына жини келе баштады* (Айтматов).

**КУУГУЙ** Куушурулган, чүрүшкөн көрүнүштө болуу, зыкымдануу, битирленүү, сараң болуу.

**КУУГУН** Бирөөнү кармап алуу үчүн артынан түшүп кууган аракет, куугунтук. *Кулак моюн тегерек, Кууганга минер Чалкуйрук* («Төштүк»). ‖ Ошондой максат менен бирөөнү кармоо, куугунтукка алуу үчүн жиберилген адам же бир нече кишилердин тобу. *Алдымдан чыккан тоскун жок, Артымдан келген куугун жок* («Эр Табылды»). *Куугун келсе артымдан, Курута сайып алам деп* («Эр Табылды»). 2. Айдоо, сүргүн, куугунтук. *Куугунда жүрүп айрылдым, Курч балалык өмүрдөн* (Токтогул).

**КУУГУН-СҮРГҮН** Куугунтук, ызы-чуу түшүргөн, куугунтуктаган кысымчылык. *Бул кайдагы куугун-сүргүн?* (Сасыкбаев).

**КУУГУНДА** Куугунга алуу, кубалоо. *Жоону сүрүп куугундап, Атышып биз да чабыштык* (Жантөшев).

**КУУГУНДАЛ** **куугунда** этишинин туюк мамилеси.

**КУУГУНДАТ** **куугунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУГУНДОО** **куугунда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУГУНТУК** 1. Кармоо, колго түшүрүү үчүн бирөөнүн артынан түшүп кубалаган аракет, куугун. 2. Бирөөгө тынчтык бербегендик, кысым көрсөткөндүк, кодулап артынан түшкөндүк. *Куугунтук көрүп душмандан, Курушуп барат айдалып* (Токтогул). *Кудаке бузук салбаса, Куугунтукка албаса* (Үсөнбаев).

**КУУГУНТУКТА** 1. Бирөөнү куугунтукка алуу, артынан түшүү. *Биз анын артынан куугунтуктап баратабыз* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөгө кысым көрсөтүү, кодулап артынан түшүү, сүрүү, четтетүү. *Куугунтуктап жегичти, Чыгарууга ант бердик* (Калык).

**КУУГУНТУКТАЛ** **куугунтукта** этишинин туюк мамилеси.

**КУУГУНТУКТАТ** **куугунтукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУГУНТУКТОО** **куугунтукта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУГУНЧУ** Бирөөнүн артынан куугун салуучу, куугунга алуучу, куугундоочу. *Куугунчу болсо Жанчаркан, Төбө чачын жулбайбы* («Эл адабияты»). *Балким, артынан куугунчу келип калууга да мүмкүн* (Жантөшев). *Куугунчулар түшкө жакын келишти* («Ала-Тоо»).

**КУУДУЛ** Ар кандай куйкум сөздүү, күлкүлүү окуяларды, тамашаларды көрсөтүп, элди күлдүрүүчү, сөздөрү күлкүлүү адам. *Токуш куудул эмеспи, түрдүү сөздөрдү таап алып, балдарды күлдүрө берет* (Таштемиров).

*Кудайберген куудул, тамашакөй болгондуктан, кээ биларман, кыянатчыларды жүрөк заада кыла баштайт* («Чалкан»).

**КУУДУЛДАН** Куудулдук кылуу, куудул сүйлөө, куудулдугун көрсөтүү. *Мустафа куудулданып кеп салды* (Сасыкбаев).

**КУУДУЛДАНТ куудулдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУДУЛДАНУУ куудулдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУДУЛДУК** Куудул адамдын мүнөзү, куудулданган аракеттери, сөзү. *Баланын кыймылында куудулдук да бар* (Сыдыкбеков). *Ооруп ак шейшепте жаткан кара тору досун көргөнү барган Нышан аке «Эмне, сүткө түшкөн коңуздай болуп жатасың», – деп куудулдугун карматты.*

**КУУДУР I** Куудураган, кулдур-кулдур эткен (тери, жаргак жана алардан жасалган кийимдерге карата айтылат). *Курушкан куудур тон менен, Жатар элек бүрүшүп* (Элебаев).

**КУУДУР II куу VI** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУДУР-КУУДУР** Ийи жетилбеген же катып калган теринин, жаргактын ж.б. кулдурттаган дабышын билдирет.

**КУУДУРА** Куудур-куудур этүү, кулдурттоо. *Тери куудурап катып калган.*

**КУУДУРАТ куудура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУДУРОО куудура** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУЛ куу VI** этишинин туюк мамилеси.

**КУУЛАН** 1. Куулук кылуу, амалдануу, айлакерленүү. *Кудайназар кууланса, Куйкасын жалап тилербиз* («Эр Табылды»). *Кара күчкө кууланып, Кара жанын муңайтып* (Тоголок Молдо). 2. Куудулдануу, куудул болуп, элди күлдүрүү, куудул сүйлөө. *Талыкпай элди күлдүрүп, Таң атканча кууланган* (Токтогул).

**КУУЛАНТ куулан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУЛАНУУ куулан** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУЛУК I** *анат.* Ача туяктуу жаныбарлардын урук бези орношкон калтасы.

**КУУЛУК II** Куулангандык, митаамдык, амалкөйлүк, айлакерлик. *Корчуда куулук, айлакерлик да жок* (Токомбаев).

**КУУНА** Жетиштүү, кең-кесири болуп жыргоо, шаттануу, кубануу, көңүлү жайдары болуу. *Ар кайсы жерде мал жатат, Жыргап, куунап эл жатат* («Семетей»). *Атып мылтык, куш салып, Куунап жүрдүк бир кезде* (Казыбек). *Эл эгинге кенелип, куунай баштады* (Жантөшев).

**КУУНАК** Кайгы-капасы, санаасы жок, жайдары, көңүлү ачык. *Батийнанын көңүлү куунак* (Сыдыкбеков). *Байкаңыз өмүр жолу муунак-муунак, Бирде суз, бирде толкун, бирде куунак* (Токомбаев).

**КУУНАТ кууна** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУНОО кууна** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУР I** 1. Өтө эски, каткан, куудураган (көбүнчө териден жасалган кийим-кечеге карата айтылат). *Кейиштүү болуп жокчулук, Кээ бири өтөт куур тончон.* 2. Суу өткөрүүчү эндүү түтүк.

**КУУР II** 1. Картошканы, этти, балыкты ж.б. казанга, мискейге салып, ысык өткөрүү, кызытуу аркылуу куурулган, куурулуп бышкан абалга келтирүү. *Куурдак куур. Балык куур.* ‖ Эгинди талкан кылууга же жөн жешке даярдоо үчүн ушундай жол менен какшытуу, кызытуу. *Арпа кууруп, талкан салдыр. Жүгөрү куур.* 2. *өт.* Кактоо, аябай ысытып жиберүү. *Күндүн ысыгы кууруп жиберди.* 3. *өт.* Жемелөө, безелене тилдөө, тили менен каргап жиберүү. *Идаяткан иштеген малайларын кууруп, аларга өтө оор иштерди тапшырат* (Жантөшев).

**КУУРА** 1. Өсүп, көгөрүп турган абалында болбой, соолуган же кургап, катып калган абалга келүү. *Куураган талдарды алып келип, Татыбек от тутандырат* (Байтемиров). *Куурап калган арбайып, Ортодо турган чоң чынар* («Манас»). ‖ Кургоо, куудураган, катып калган абалда болуу. *Кутуда дары куурады* («Эр Табылды»). *Жаман тон күнгө ого бетер куурап калыптыр* («Ала-Тор»). 2. *өт.* Кыйынчылык тартуу, кысталуу, кордук көрүү. *Жаш кезинде куурап жүргөнү кылт эсине түштү* (Бектенов). *Бай-манаптын тушунда, Айдалып жүрүп куурадым* (Токтогул).

**КУУРАГАН** 1. Куу болуп өспөй калган, өсүүсүн токтотуп, катып калган (өсүмдүктөргө карата). *Куураган тал-теректерди араалап отун кылып жыйып коюшту.* 2. *өт.* Оңбогон, оңолбогон. *Куураган ишти ой, кылгын, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Куураган курсактын айынан ушул түйшүккө туш келип олтурабыз* («Чалкан»). *Кудурет мени кыз кылды, Куураган чалга туш кылды* (Тоголок Молдо).

**КУУРАЙ** Жетилгенде, кууратганда сөңгөгү катуу болуп калуучу жана көбүнчө отун катарында колдонулуучу өсүмдүктөрдүн жалпы аты. *Куурайларын көтөрүп, Кыр ашты кыздар топтошуп* (Осмонкул). *Куурайдын чогу жок, суунун тогу жок* (макал).

**КУУРАЙ БАШЫН СЫНДЫРБОО** Эч нерсеге колу тийбөө, эч иш кылбай жүрө берүү, бекерчиликке көнүп алуу, жеңил жан багуу. *Он үч жашка келгиче Кумаркан куурай башын сындырбады* (Байтемиров). *Небактан куурай башын сындырбай бекер жашап, өмүрүн куунак кармап келген Эсир алтындарын четинен кармап, сараң урунат* (Осмоналиев). **В.: Чырпык башын сындырбоо.** *Ал өмүрүндө чырпык башын сындырган жан эмес* (Байтемиров).

**КУУРАЙ САН** Буттары арык, илмийген, ичке. *Кумурска бел, куурай сан. Ева куурай сан болгон менен тыным албай иштеп, ал куйган кыш да көрктүү түшүп жатты* (Ашымбаев).

**КУУРАЙДАЙ БОЛУУ** Абдан арыктоо, этинен түшүп, тыртыйган абалга келүү. *Куурайдай болгон колу-буту тарбайган баланын сөлөкөтүн көрүп, жүрөгүм шуу дей түштү* (Жантөшев).

**КУУРАЛ** Кыйынчылык, азап-тозок, кыйноо тарттырган оор шарт. *Кудайназар, Алтыбай Кууралды журтка салганы* («Эр Табылды»).

**КУУРАТ** **куура** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУРГУЧ** Эгинди же башка нерсени куурууга ылайыктап, башына тоголоктоп кийиз байлаган таякча.

**КУУРДАК** Майга куурулган эт. *Коё тур Каке, коркутпай, Куурдакка тоюп алайын* (Калмырза). *Жаш эттен куурулган майлуу куурдак алдыга келди* (Каимов).

**КУУРМА ЧАЙ** Унду майга кууруп, ага сүт, суу жана кайнатылган чай кошуп даярдалган суюк тамак.

**КУУРМАЧ** Куурулган дан, майга куурулуп, тамакка кошулган катык (эт, пияз ж.б.).

**КУУРОО** **куура** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУРСУН** Куштун канатынын сөңгөгү. *Курсундай колуңуз, Кумурскадай белиңиз* («Эл адабияты»).

**КУУРТ** **куур II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУРУ** **куур II** менен бирдей.

**КУУРУЛ** 1. **куур II** этишинин туюк мамилеси. 2. Тар, кууш жерде кенен бата албай кысылуу, кенен-чонон отура албоо. *Куурулбай кенен отура албадык. Бул жерде куурулбай, кененирээк тиги үйгө барып отурсак боло.*

**КУУРУТ** **кууру** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУРУУ** **куур II** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУРУШ** **куур II** этишинин кош мамилеси.

**КУУРЧАК** 1. Адамга (көбүнчө балага) окшоштуруп жасалган балдардын оюнчугу. *Зарыл далай жолу жүктүн бурчунда олтуруп куурчак ойногон* (Сыдыкбеков). 2. «Та-тынакай», «кол менен жасап койгондой», «кооз», «келишимдүү» деген мааниде колдонулат.

**КУУСУН** Замбиректи ок алдырыш үчүн даярдалган кууу, отун.

**КУУТ** Малдын тукумдашуусу (ача туяктууларга карата айтылат). *Куут – малчылар үчүн жооптуу учур* (Убукеев).

**КУУЧУ** 1. *дин.* Төрөт мезгилинде кара басып, мартуулап калган аялды айыктыруу, эс алдыруу аракетин жасаган бакшы. *Айылдагылар куучу издеп дүрбөлөң түшүп калды* (Убукеев). 2. **куугун** менен бирдей.

**КУУЧУГУЙ** Кууучуйган, чукчуйган. *Молдокем тыпыйып отурган абалында кууччуйган чокчо сакалын сылайт* («Ала-Too»).

**КУУЧУЙ** 1. Куушурулган, чүрүшкөн көрүнүштө болуу. *Кууччуйган абышка Тагайга карап жылмаң этип койду* (Жантөшев). 2. *өт.* Зыкымдануу, битирленүү, сараң болуу. *«Кууучуюп бай болгончо, колу ачык кедей бол» дейт Эркекыз* (Байтемиров).

**КУУЧУҢДА** 1. Кууччуйган, куушурулган кебетедеги адамдын купшундаган кыймыл-аракетине карата айтылат. *Кууччуңдап жетти ошондо Олжобайдын жанына* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. *өт.* Зыкымдык, сарандык кылуу.

**КУУЧУҢДОО** **кууччуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУЧУЮУ** **кууччуй** этишинин кыймыл атоочу.

**КУУШ II** **кууу VI** этишинин кош мамилеси.

**КУУШ** Эни тар, ичке, энсиз. *Кууш жол. Кууш бөлмө. Малчылар кууш коктуну өрдөп баратышты* («Ала-Too»).

**КУУШУР** 1. Кууш кылып кысуу, куруштуруу, тарытуу. *Сууктан ичиркенген Акбар эки ийнин куушурду* (Убукеев). *Бардыгы ичиктерин сыртынан куушура курчанышкан* (Убукеев). 2. *өт.* Туш-тушунан кысымга алуу, айласын кетирүү, кысуу. *Биздикилер душмандын шаштысын кетирип, куушуруп кирип барышты.*

**КУУШУРТ** **куушур** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУУШУРУЛ** **куушур** этишинин туюк мамилеси.

**КУЧ** Кучактоо. *Жыгылды Жолой жер кучуп, Акылы баштан чын учуп* («Манас»). *Атышкан жоосу жер кучкан* («Манас»).

**КУЧА** Сүт эмип жүргөн эркек козу.

**КУЧАК** 1. Кучактоо үчүн эки колду оролто жайгандагы абал, ополто жайылган кулачтын эни, көлөмү. *Куйругу кучак кой. Бир кучак отун. Айбала Каныбектин кучагына боюн таштап ыйлап жиберди* (Жантөшев). 2. *өт.* Оролгон, курчалган, текши камтылган абал. *Жылдызкан денин жай баракат чыйрып, уйкунун кучагында* (Байтемиров). *Жер бети караңгылыктын кучагында* (Жантөшев).

**КУЧАК ЖАЮУ** Мээримдүүлүк, меймандостук менен тосуп алуу. *Кемпири да меймандос адам экен, кучак жая конокту каршы алып, бар тамагын берип сыйлады* (Баялинов). *Үйдөн чыкты балдары кучак жайып, көтөрүп эркелетти чалдары* (Токомбаев). **В.: Кучагына алуу.** *Көрбөйсүңбү, кимиси болсун, баары да бизди бул жерде бир туугандай кучагына алышты* (Баялинов).

**КУЧАКТА** Кучагына алуу, кулачын жа-

йып, кучагына оролто кысуу. *Адыл Бегайымды кучактап, бетинен өптү* (Жантөшев). *Нестан ордунан туруп абысынын кыса кучактады* (Убукеев). ‖ Бир нерсени кучагына кыса көтөрүү, кучагына ороltуу. *Отунду кучактап көтөрүү. Тал кучактап туруу.*

**КУЧАКТАТ кучакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЧАКТАШ** Бири-бирин кучактоо, кучагына кысуу. Көптөн бери көрүшпөй калган курбулардай кучакташып учурашышты («Ала-Тоо»).

**КУЧАКТОО кучакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЧЕР** Жеңил араба айдаган арабакеч. *Кучер бала анда-санда атын чаап коюп, кайыктан көзүн албай карап коёт* (Баялинов).

**КУЧКАЧ** Көбүнчө суу бойлоп жүрүүчү бүт денеси кара, анча чоң эмес чымчык.

**КУЧУГАН** Делебеси козголгон, дүүлүккөн абал. *Анда катыны күдөрүдөй былкылдап, кучугандай чаңкылдап, баса түшүп шоодурап, эки көзү жоодурап* («Эл адабияты»).

**КУЧУНАСЫ КАНУУ** Моокуму кануу, ыраазы болуу, каниет алуу, кумардан чыгуу. *Ар кыл жагдайды таамай элестетер сөз таажылары табылганда гана кучунам канат* (Бейшеналиев). *Акын кастык дилин айкындап айтып алганына кучунасы кана түрсүндү* (Бейшеналиев).

**КУЧУНАШТА** Ачуулануу, кыжыры келүү, кыртышы сүйбөө.

**КУЧУНАШТОО кучунашта** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЧУНАШТУУ** Ачуулуу, кыжырлуу, кыял-жоругу терс. *Кучунаштуу эрендин кучунашы келген го* (Каралаев).

**КУЧУНАШЫ КАРМОО** Кыртышы сүйбөө, терс кыялын карматып кыжырлануу, ачуусу келүү. *Кокус кучунашым кармаса бир балээ башталып жүрбөсүн! – дейт Куудул* (Баялинов). *Төрөбөгөн аялдын күнү курусун, – кыязы эринин бул сөзүнө кучунашы кармай түштүбү, баятан унчукпай чай куюп отурган Тилектин аялы сөзгө аралаша кетти* (Айтматов).

**КУШ I** 1. Канаттуулардын жалпы наамы. *Үй куштары. Сайроочу куштар. Суу куштары. Жырткыч куштар. Алгыр куштар. Келгин куштар сайрап, гүлдүү чөптөрдүн атыр жыты буркурайт* (Сасыкбаев). 2. Кекилик, чил, коён ж.б. илбээсиндерди алдыруу үчүн таптап салына турган жырткыч, алгыр канаттуунун ургаачысы (эркеги чүйлү деп аталат). *Куш – ургаачы, чүйлү –эркек Бир уянын баласы* (Каралаев). *Мүнүшкөр болгон адамга Алгыр чыккан куш жакшы* (Жантөшев).

**КУШ II** Көңүлү ачык, жайдары, куунак. *Эзилип көңүл куш болуп, Элиң алга талпынды* (Тоголок Молдо). *Бир кезде дабыш угулду, Көңүлдү жандап куш кылып* (Бөкөнбаев).

**КУШ АТАР** *аңч.* Бытыра менен атылуучу мылтык.

**КУШ БАЗАРЫ** Океан, деңиз жээктериндеги тик аскаларда, аскалуу жарларда деңиз куштарынын (кайра, чардак, эселектер, пингвин ж.б.) колония түрүндө уялашы. *Айрым куш базарлар ондогон км ге созулуп, анда жүз миңдеген куштар болот.*

**КУШ БАШ ЭЭР** Кашы жумуру кийилип, баш жагында кичинекей эки ачасы бар ээр.

**КУШ БОО БЕК БОЛСУН!** Жаңы үйлөнгөн кишини куттуктоо, жакшы тилек, жакшы каалоо айтуу маанисинде колдонулат. *Э, Нурмат байбача, куш боо бек болсун! – деген табыш чыкты* (Жантөшев). *– Куш боо бек болсун, куттуктайм! – деп Жанболот солдаттын колун бекем кармады* (Шимеев).

**КУШ БООЛОШТУРУУ** Минип жүргөн атларды буттарынан байлап, бири-бирине чиркеп отко коё берүү. *Туяк меймандардын аттарын куш боолоштуруп коюп, мейманкананын жанына келип бир аз турду* (Токомбаев).

**КУШ ЖЕМИНДЕЙ** *к.* **куш тилиндей.**

**КУШ КАНАТЫ ТАЛЫГАН** Адам өтө алгыс, өтө татаал, бийик же абдан алыс деген мааниде. *Бир жагынан бир жагына өтө албай ат туягы түлөгөн, куш канаты талыган миң катмарлуу улуу тоо* (Касымбеков).

**КУШ КЕЛИПСИЗ** Келген меймандарды мээримдүүлүк, меймандостук менен күтүп алууда колдонулат. *– О, Байымбет ага, куш келипсиз! Сизди көрүүгө куштар элем. Күүлүү, демдүү жүрөсүзбү* (Бейшеналиев). **В.: Кош келиңиз.**

**КУШ КҮЙҮҮ** Алгыр куштарды кармоо үчүн тор жаюу, кармоо аракетин кылуу. *Суунун башын муздак чалган Куш күйгөн чак, күз эле* (Токомбаев).

**КУШ КҮЙҮҮЧҮ** *аңч.* Кушту торго кармоочу адам.

**КУШ САЛУУ** Куш агытып мергенчилик кылуу, аң уулоо. *Түлкүбек бала күнүнөн тартып ит агытып, куш салып чоңойгон* (Жантөшев).

**КУШ ТИЛИНДЕЙ** 1. Кичинекей, тырмактай, аз гана. *Куш тилиндей бир нерсе тийген го колуна.* 2. Кичинекей, аз гана, кыскача жазылган кат, кабар ж.б. *Тентектикти коёлу да, кыздын өзүнөн куш тилиндей кабар алалы, – деди Сулайман* (Сыдыкбеков). *Ал көз айнегин аарчып, арсаңдатып жазылган куш тилиндей кагазды калтыратып кармап турду* (Саатов).

**КУШ УЙКУ** Бир аз тук этип алма, көз илинип ала коймо, кыска, сергек уйку. *Кален ушул күнү кичине куш уйку салып алды* (Укаев). *Нинанын сөзүнөн улам, куш уйкудан чочуп ойгонгон эмедей селт этти* (Саатов). *Чыканактап калды эле, куш уйкуну салды эле* («Манас»).

**КУШ УЧУРБОО** Каркыттап, бөпөлөп багуу, өтө ардактап мамиле жасоо. *Ал бирөөнүн куш учурбай ардактаган жалгызы эле* («Чалкан»). *Жалгыз кызынын көзүн карап, куш учурбай, «сен эле аман болсоң – биздин байлыгыбыз, тирлигибиз ошо!» – деше турган ата-энеси* (Өмүрбаев).

**КУШ ЭТ** Эти, денеси жылма эмес, майда бүдүрлүү. *Куш эт дене. Куш эт бала.*

**КУШБАК** *туурасы:* **кушубак.**

**КУШБЕГИ** Кокон хандыгынын убагындагы чоң мансаптын аты. *Көп өтпөй буларга Маргалаң беги, Өтөмбай кушбеги кошулду* (Касымбеков). *Кокондогу кушбеги, Сени менен элчилиги азыраак* («Семетей»).

**КУШКАНА** Мал союу жана союлган малдын эттерин белгилүү тартиби боюнча жөнгө келтирүү жумуштарын аткара турган иш жайы.

**КУШКЕР** 1. Сиңимдүү, оңой сиңе турган. 2. *өт.* Таттуу, ширин. *Арзан тамак пыяздан, Барып алып жээрсиңер, Кубангандан барыңар, Кушкер экен дээрсиңер* (Тоголок Молдо). *Эненин бул сөзүндө: «үйлөнсөң боло, кушкер тамак жегиң келсе» – деген купуя кеңеш, тымызын пикир билдирүү бар эле* (Мавлянов).

**КУШТА** Барктоо, жакшылап сый-сыпат көрсөтүү, көңүл бөлүү. *Аларды кандай куштады, Жеринен качты дебестен* (Тоголок Молдо). *Жакшы менен дос болсоң, Өмүрүңө кушташат* (Калыгул).

**КУШТАР** Кандайдыр бир кызыккан нерсесин көрүүгө, ага жетүүгө, ээ болууга ж.б. дилгир, ынтызар. *Улуу-кичүүлөр Алтынай эженин күүсүн угуп, өзүн көрүшкө куштар* (Сыдыкбеков). *Карысам да мейли деп, Куштар болом оюнга* (Тоголок Молдо).

**КУШТУН КӨЛӨКӨСҮНӨ ТОҢУУ** Абдан алсыз, начар, назик. *Башыма күн өтүп эмне, куштун көлөкөсүнө тоңгон начар белем?* (Акматов).

**КУШУ ЖОК** Көңүлсүз, бир нерсеге кызыкпаган, шыгы жок, көңүлү чаппаган. *Хайтахундун сөзгө анчалык кушу жок* (Абдукаримов). *Элдияр, Эрмек досум жок, Эч нерсе сүйөр кушум жок* («Эр Табылды»).

**КУШУБАК** Көңүлү шат, жайдары, куунак. *Кишинин бары кушубак, Кубанычтуу болушуп* («Манас» С.О.). *Эмгекке болуп кушубак, Шаттанып талаа термелди* (Бөкөнбаев). *Бүгүн Кулбаш аксакал өзгөчө сыймыктана басып, абдан кушубак* (Абдукаримов). – *Кушубак бол, үкө Жан! Кай бир чабыр жылкылардын көтөрүм болоюн деп калганы болбосо, башкасы аман* (Жантөшев). *Кушубак кылып отурган экен.*

**КУШЧУ** 1. Куштун табын билген жана аны таптап салган адам, мүнүшкөр. *Ат багуучу кошчусу, Таптаган шумкар кушчусу* («Эл адабияты»). 2. *тар.* Кыргыздын сол канатындагы ири уруу.

**КУЮ БУЗУК** Ниети бузук, ою жаман, арам ойлуу. – *Булардын кую бузук, бөлүнөбүз дешет экен* (Ашымбаев).

**КУЮГУУ** **куюк** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЮК** Багытты, бара турган жайын ж.б. таба албай калуу, адашуу. *Кула байтал сойгун, куюккан элиңди жыйгын!* («Эл адабияты»). *Койлор кокус ордунан козголсо эле куюгуп кеткидей* (Баялинов). *Ашууда ызгаар бороондон, Куюгуп кээси жоголгон* (Турусбеков).

**КУЮКТУР** **куюк** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЮЛ** **куй III** этишинин туюк мамилеси.

**КУЮЛМА** Куюлуп, эшилип турган. *Ак-Кыянын үстү жагы адам өткүс, шагыл, куюлма таш* (Жантөшев).

**КУЮЛТ** **куй III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЮЛУШ I** Суулардын бири-бирине куюлган, кошулган жери, куйма. *Токсон суунун куюлуш, Суу түгөнүп жоголгон* («Эр Төштүк»).

**КУЮЛУШ II** Уйкашуу, бири-бирине эп келишүү, биринин артынан бири куюлуп келе берүү. *Куюлушкан үн менен, Толкуп жүрөк ырдады* (Бөкөнбаев). *Сен уккулуктуу күү, куюлушкан ырлардын ээси турбайсыңбы* (Сыдыкбеков).

**КУЮЛУШТУР** **куюлуш II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЮЛУШУУ** **куюлуш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЮН I** Уйгу-туйгу болуп уюлгуп, тик көтөрүлгөн шамал. *Ызгытып кар учурган тентек куюн* (Үмөталиев). *Ар кайсы жерден куюн ойноп, боз топуракты асманга көтөрөт* (Жантөшев).

**КУЮН II** **Куй III** этишинин өздүк мамилеси. Муздак суу куюнуп жуунуу абдан пайдалуу.

**КУЮНДА** 1. Куюн болуу, уйгу-туйгу түшүү, уюлгуу. *Баягыдан бетер кар куюндап жаап туруптур* (Байтемиров). *Суу келди Ала-Тоонун булагынан чаң басып, кум куюндап жаткан жерге* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Абдан тез, бат кыймылдоо, жүгүрүү, чымылдоо. *Таласты көздөй* бет *алып, Куюндап жөнөп калды эми* («Манас»).

**КУЮНДАЙ** Көзгө илешпей, өтө тездик менен, ыкчам, бат. *Кишилер боз аттын куюндай учушун көрүп, аң-таң болуп туруп калышты* (Каимов).

**КУЮНДАТ** **куюнда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КУЮНДОО** **куюнда** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЮП КОЙГОНДОЙ** 1. Абдан окшош, айрып алгыс, союп каптагандай. *Ал кудум өзүнө куюп койгондой он жашар кызы менен нан жеп олтурду* (Ашымбаев). 2. Өзүнө ченеген-

дей, чапчак, туура. *Көгүш көйнөгү тараз боюна куюп койгондой* (Сыдыкбеков).

**КУЮУ куй III** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЮШ куй III** этишинин кош мамилеси.

**КУЮШКАН** Ээрди алдыга жылдырбоо, үчүн аттын куйругуна илинип, эки учу куткунга бекитилүүчү кайыш. *Жолоочулар куюшкандарын кыскартып, кайра атташышты* (Убукеев).

**КУЮШКАНГА КЫПЧЫЛУУ** Өзүнө тиешеси жок нерселерге кийлигише берүү, аралашып кетүү. – *Отур былк этпей, өлүгүңдү көрөйүн көк мээ, куюшканга кыпчылбай шук олтур* (Айтматов). *Куюшканга кыпчылбай тур, дейм!* (Тойбаев).

**КУЮШКАНДА** Куюшкан өткөрүү, куюшкан тагынуу. *Акбар ээри ооп түшүп калбагандай кылып куюшкандады да, торуну коё берди* (Убукеев).

**КУЮШКАНДУУ** 1. Куюшканы бар, куюшкан тагылган. *Куюшкандуу ээр.* 2. *өт.* Олжолуу, олжо-буйлага жетиштүү. *Кучөйт, өсөт. Колдон көөрү төгүлгөн, Олжосу мол куюшкандуу журт болот* (Осмонов).

**КУЮШКАНЫ БЕК** Ээлеген орду, мансабы ж.б. бекем, оңой менен козголбойт, алдырбайт, ишенгени, тиреги мыкты. *Кудайдын мунусуна да шүгүрчүлүк, кабатыр болбо, куюшканың бек* (Бейшеналиев). *Бу Кыдыралынын куюшканы бек, ага теңелбе, алың да жетпейт* («Ала-Тоо»).

**КУЮШКАНЫ БОШ** Анча ишенчиликтүү эмес, тыңгылыктуурак эмес, көпкө узай албайт деген мааниде (көбүнчө, бийликке, мансапка карата колдонулат). *«Менин байкашыма караганда анын деле куюшканы бош өңдөнөт» деди аялына.*

**КУЮШКАНЫ КОШ КАБАТ** Материалдык жактан мыкты, колу жетиштүү, болуп-толуп турган, колунда бар, бардар. *Булар кимдер? Булар байлар, куюшканы кош кабат манаптар* (Жантөшев). **В.: Куюшканы беш кабат.** *Бул агайдын куюшканы беш кабат, сырты эле жалтырак эмес, ичи да жалтырак, – деди бир кыз* (Жантөшев).

**КУЮШКАНЫ КӨТӨРҮЛҮҮ** 1. Жолго чыга турган болуу, бир жакка жол жүрүү, сапарга чыгууга шарты келүү. *Куюшканы көтөрүлүп, Нарынга барсам деп турат* («Ала-Тоо»). 2. Иши алга жылуу, иши илгерилөө, оңунда болуу. *Куюшканы көтөрүлсө, олжо өзүнөн өзү табыла берет экен* («Ала-Тоо»).

**КУЮШКАНЫ КЫЙШАЮУ** Иши оңунан чыкпай кыйчалыштай берүү, иши начарлоо. *Куюшканың бир кыйшайып алгандан кийин, кантсең да оңолуу кыйын турбайбы?* (Абдукаримов). **В.: Куюшканы качуу.** *Азыр биздин куюшкан качып турган кез деп, Какач оор күрсүнүп койду* (Жоошбаев). **Куюшканы бошоо.** *Жалгыз уулунан айрылып, малы жутта кырылып, ачарчылыктын каабы өтүп, куюшканы бошогон чалдын эмнесине теңелесиң* («Ала-Тоо»). **Куюшканы шыпырылуу.** *Сарыгулдун бул тилеги оңунан чыгып, куюшканы шыпырылып бараткан немени ташы өөдө кулады* (Абдукаимов).

**КУЮШКАНЫ ТАЙКЫ** Колунда жок, бактысыз, алсыз. *Куюшканы тайкы бечара Казактын колунан эмне келсин* (Сыдыкбеков).

**КУЮШТУР** Бир идиштен экинчи бир идишке которуп куюу, биринен экинчисине куюп аралаштыруу.

**КУЮШТУРУЛ куюштур** этишинин туюк мамилеси.

**КУЮШТУРУУ куюштур** этишинин кыймыл атоочу.

**КУЯ** Балаа, кырсык, балакет. *Сырын айтып жолукту, Кутулбас куя балаага* (Жантөшев).

**КУЯҢ** Жамбаштын ашташына суук тийүүдөн пайда болгон оору, радикулит.

**КУЯҢКЫ** Көптү көргөн, кексе, куу, арамза. *Куяңкы киши. Куяңкы кой.*

**КУЯҢКЫЛЫК** Куяңкы мүнөздүүлүк, көптү көргөндүк, куулук, арамзалык.

**КУЯШ** Күндүн чыккан тарабы. Ал *Ысык-Көлдүн куяш тарабын мекендейт* (Абакиров).

**КҮБӨ I** Жүнгө, жүндөн жасалган буюмдарга, кийим-кечеге, данга ж.б. зыян келтирүүчү көпөлөк курту жана анын көпөлөгү. *Терини күбөдөн сактоо. Күбөгө жедирбөө.*

**КҮБӨ II** 1. Окуяны, болгон ишти ж.б. өз көзү менен көргөн, билген, бир нерсенин аныктыгын же төгүндүгүн далилдей ала турган адам. *Карыя чын айтат, чындыгына мен да күбө болоюн* (Жантөшев). *Күбөлөр катарында жыйырмадан ашык кишинин аты аталды* (Абдукаримов). 2. Үйлөнүп жаткан эки тарап (эркек, аял) үчүн нике кыюу мезгилинде далилдик иретинде катышкан адам. 3. Белги, далил. *Жаңы жабылган аппак өргөө өз ээсинин чебердигине, уздугуна күбө* («Ала-Тоо»).

**КҮБӨ III: ак күбө.** Эпостук чыгармаларда: жоого кийилүүчү ок өтпөс кийим. *Ак күбө тонду кийинип, Аккула атка мингени* («Манас»).

**КҮБӨ БОЛУУ** Көрүү, катышуу. *Биз укмуштай окуяга күбө болдук* («Чалкан»).

**КҮБӨК** Кооздук үчүн тагынуучу алтын, күмүштөн кооздолуп жасалган майда-майда желбирөөчтөрдөн турган жасалга. *Алтын-күмүш аралаш, Алкымга таккан күбөгү* (Токтогул). *Күлүк ат салып калыңга, Күбөк боолуу куш берип* (Үсөнбаев). *Күмүшү белең күбөктүн, Күйүтү белең жүрөктүн* («Эл адабияты»).

**КҮБӨКТҮҮ** Күбөгү бар, күбөк тагылган.

**КҮБӨЛӨ** Анык экендигине же төгүндүгүнө күбө болуу, эмне экендигин, кандай болгондугун ырастоо, далилдөө.

**КҮБӨЛӨНДҮР** Бир нерсенин (мис., документтин) аныктыгын, тууралыгын кол коюу, мөөр басуу сыяктуу жолдор менен ырастоо, ишенимдүү кылуу.

**КҮБӨЛӨНДҮРТ күбөлөндүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮБӨЛӨНДҮРҮҮ күбөлөндүр** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮБӨЛҮК** Адамдын туулган мезгили, никеси, билими ж.б. жөнүндө айтып ырастаган атайын расмий документ. *Нике жөнүндө күбөлүк, Окуу жайын бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүк. Авторлук жөнүндө күбөлүк.*

**КҮБӨЛҮҮ** Күбөсү бар, болгондугу, аныктыгы далилдүү.

**КҮБӨНААМА** *эск.* Күбөлүк.

**КҮБӨӨ** *туурасы:* **күбө.**

**КҮБҮ** 1. Бир нерсенин чаңын, чөп-чарын ж.б. кетирүү, арылтуу үчүн кагуу, силкүү, силкип түшүрүү. *Бүбү кийиминдеги чаңды күбүп, үйгө кирди* («Ала-Тоо»). 2. Дарактын жемишин, жалбырактарын силкип түшүрүү, кагуу. *Алма күбү.* 3. *өт.* Түгөтүү, аягына чыгуу. *Акчамдын баарын күбүп берип баса бердим* («Чалкан»).

**КҮБҮЛ күбү** этишинин туюк мамилеси.

**КҮБҮН күбү** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮБҮР I** Үстүнкү бетин муз каптап, асты көңдөйлөнгөн жер. *Кыргоол күп этип, чоң суунун күбүрүнө түштү* (Каимов). *Сайдагы күбүрдөн өтүп, кырга чыга бергенде, жолоочулар аттын оозун коё беришти* (Элебаев).

**КҮБҮР II** Угулар-угулбас кылып күбүрөп айтылган кеп, күңкүл сөз, ушак-айың кептер. *Кыштактын кемпирлери менен катынкалачтары арасында кызуу күбүр жүрдү* («Ала-Тоо»). *Күбүрүн угуп экөөнүн, Көк жал Манас баатырдын, Күлкүсү келип калганы* («Манас»).

**КҮБҮР-ШЫБЫР** Ачык, угуза айтылбаган, даана угулбаган кеп-келеч же ушак айың сөздөр. *Балдардын өз ара күбүр-шыбыры тыйылбады* (Абдумомунов).

**КҮБҮРӨ** Угулар-угулбас кылып сүйлөө, ушактоо. *Дилденин апасы күбүрөп, далистен чыга келди* (Касымбеков). *Көзүң менен көрбөсөң, Күбүрөп ушак айтпагын* (Осмонкул). *Ичинен күбүрөп баратты* (Усубалиев).

**КҮБҮРӨН** Күбүрөп сүйлөй берүү.

**КҮБҮРӨӨ күбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮБҮРӨТ күбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮБҮТ күбү** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮБҮҮ күбү** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮДӨР** Үмүт, ишенич. *Күдөр үзбөө. Күдөр кылуу.*

**КҮДӨРҮ** 1. Абдан жакшы ийленген жумшак кайыш. *Күдөрү тондон былк этип* («Манас» С.О.). *Чын күдөрү болсун деп, Балбандарга тарттырган* («Сейтек»). 2. Макмал. *Анда катыны күдөрүдөй былкылдап* («Эл адабияты»).

**КҮДӨРҮЛӨ** Күдөр кылуу. *Тоо текенин терисин, Толгой кармап ийлетип, Күдөрүлөп бергин деп, Балбандарды жадаткан* («Эр Төштүк»).

**КҮДӨРҮЛӨӨ** Терини ийлөө.

**КҮДӨРҮН ҮЗҮҮ** Үмүтүн үзүү, түңүлүү. *Мени келбейт экен деп, Күдөрүн үзүп койгондур* («Манас»). *Кыйноодо Током жүрсө да, Жыргалдан үмүт үзгөн жок* (Нуркамал). *Шек алдырып сен койсоң, асил жандан күдөр үз* («Эр Төштүк»).

**КҮДҮК** Эмне экендиги, кандай экендиги ачык, так эмес, күмөндүү, шектүү. *Сапар Шариптен уккан күдүк сөздү ачууга аракеттенди* (Бейшеналиев). *Мында бир сыр барбы деген күдүк ой пайда болгонсуп турат* («Ала-Тоо»).

**КҮДҮКТӨН** Ачык пикирге келе албай, күмөн саноо, так биле албоо, шектенүү. *Ал көпкө чейин күдүктөнүп жүрдү.*

**КҮДҮҢДӨ** Бир нерсенин кабарын угуп, шегин билип, же ойлогон максаты орундалып, өз ичинен кубанган, шаттанган абалда болуу, сүйүнүү. *Энем эркек төрөгөндөй сүйүнүп күдүңдөгөн бойдон үйүмө келдим* (Бөлөкбаев).

**КҮДҮҢДӨӨ күдүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮДҮҢДӨТ күдүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮДҮР** Түз эмес, ой-чуңкурлуу жер, өйдө ылдыйы, өңгүл-дөңгүлү көп талаа. *Көңтөрө сайып алабыз. Күдүрдө жаткан көп колду* («Эр Табылды»). *Күрдөөлдүү малдын баарысы, Күдүрдө төлдөп жайнаган* («Манас»).

**КҮДҮРЛҮҮ** Түз эмес, өңгүл-дөңгүлү көп, ой-чуңкурлары бар. *Күдүрлүү жер. Күдүрлүү талаа.*

**КҮЖҮ** Көрүктүн отту, чокту үйлөп, күйгүзүп, кызартып туруучу ооз жаккы бөлүгү. *Күжүнүн оозунда жаткан темирлер көмүрдүн табына кызарып-татарат* (Убукеев).

**КҮЖҮЛДӨ** Кептин кызуусуна кирип, күпүлдөп сүйлөө. *Олтурган жаштар күжүлдөй берди* (Сыдыкбеков).

**КҮЖҮЛДӨӨ күжүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЖҮЛДӨТ күжүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЖҮҢДӨ күдүңдө** менен бирдей. *Күндөгүдөн жайдарым, Күжүңдөйсүң кайраным* («Чалкан»).

**КҮЖҮРМӨН** Иштеши же жалпы эле кыймыл-аракети чыйрак, кажыбаган эпкиндүү, жигердүү. *Күлгөнү талаа жаңыртып, Күжүрмөн абам кырманда* (Бөкөнбаев).

**КҮЖҮРМӨН БАРАКЧА** Шашылыш түрдө чыккан, кичине көлөмдүү дубал газетасынын бир түрү. *Күжүрмөн баракча, керege газета чыгаруу ишине ушул баштан киришүүң керек* (Байтемиров).

**КҮЖҮРМӨНДҮК** Ишке, мээнетке ж.б. эпкиндүүлүк, чыйрактык, кажыбастык. *Күжүрмөндүк көргөзүп, Көп жылдан бери иштеген* (Осмонкул).

**КҮЖҮРМӨНДҮҮЛҮК күжүрмөндүк** менен бирдей.

**КҮЗ** Жылдын жай менен кыштын аралыгындагы мезгили. *Күз күндүн нөшөрүндө, Кыш күнгө өтөрүмдө* (Гапаров).

**КҮЗГҮ I** Бет мандайындагы, алды тарабындагы нерселерди чагылтып көрсөтүүгө ылайыкталып жасалган, адам өзүн көрүү үчүн колдоно турган айнек буюм. *Сапура кичине тегерек күзгүсүн алып көрүндү да, жылмайып койду* (Байтемиров).

**КҮЗГҮ II** Күз убактагы, күз мезгилиндеги. *Күзгү айдоо. Күзгү эмгек. Күзгү жаан*

**КҮЗГҮЛҮҮ** Күзгүсү бар, күзгү коюлган. *Күзгүлүү шкаф.*

**КҮЗДӨӨ** Малдын күзгү жайыты. *Жайлоодогулар эртелеп көчүп, күздөөгө келишкен* (Жантөшев).

**КҮЗДӨӨБАЙ** *анч.* Күзүндө туулган бөжөк.

**КҮЗДҮК** Күзүндө себилген эгин. *Күздүк буудай.*

**КҮЗӨ I** Малдын (көбүнчө жылкынын) жалкуйругун кыркып, кыскартып коюу. *Жаз алдында күзөп алган байтал бээнин жал куйругу* (Сыдыкбеков).

**КҮЗӨ II күзөт II** менен бирдей. *Малды жакшы күзөгүлө.*

**КҮЗӨЛ күзө I** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЗӨМ** Кыркын. Күзгү кой кыркуу мезгили.

**КҮЗӨН: ач күзөн, сасык күзөн** Суусар түркүмүнө кирүүчү анча чоң эмес жаныбарлардын жалпы аты.

**КҮЗӨӨ II күзө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЗӨӨ I күзө I** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЗӨӨ III** Энсөө, каалоо.

**КҮЗӨТ I** Кароол. *Кулчорону күзөткө, Аттандырып коюшту* («Семетей»). *Күн сайын Карач жол карайт, Күзөттө жаткан мергендей* («Эл адабияты»).

**КҮЗӨТ II** Кайтаруу, көздөө, кароолго алуу, көз салуу. *Короого түшүрүлгөн жүктү күзөтүп отургандардын шыбышы угулду* (Абдукаимов).

**КҮЗӨТҮҮ күзөт II** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЗӨТҮШ күзөт II** этишинин кош мамилеси.

**КҮЗӨТЧҮ** Кароолчу, күзөтүү милдетин аткаруучу. *Асан бир мекемеде күзөтчү болуп иштейт.*

**КҮЗҮК** Килем тоокууда жана өрмөк согууда улам аркан өткөрүлгөн сайын үстүңкү (эркек) жиптеринин ар биринин арасы менен астыңкы (ургаачы) жиптерин өткөрүп, астын-үстүн кылып алмаштырып туруучу бөлүгү.

**КҮЙ I** Абал, ал-абал. *Бир күйдө болуу.*

**КҮЙ II** 1. Тутануу, жануу абалында болуу, отко айлануу. *Мештеги жыгач отун дуулдап күйдү* («Ала-Тоо»). *Отко жакын шиш күйөт* (макал). 2. Жагылган, ичиндеги оту жанып турган абал *Меш күйдү. Примус күйдү* 3. Карарып, күйүккө айланып кетүү. *Нан күйүп калбасын, отту ыштап жак.* 4. Жарык берүүчү, жаркырап жанып туруу. *Күйгөн таштар түягында быркырап, Кымкаарланат кирпигине тоңуп тер* (Кулумбаев). *Лампа күйдү. Чырак күйдү.* 5. Суу жетпеген өсүмдүктөр (эгин, чөп ж.б.) ысыктан саргарып, куурап кетүү. *Кайрак себилген дан эгиндери бүт күйүп кетти* (Абдукаримов). ‖ Күндүн ысыгынан карарып кетүү, кара түскө айлануу (адамдын денесине карата айтылат). *Кебек карыя жаштайынан күнгө күйүп, шамалга бышкан* (Байтемиров). *Күн ысык, моюн күйгөн, чекеде тер* (Турусбеков). 6. Кайнак, ысык суюктук тийүүдөн же төгүлүүдөн улам дене кызарган же ылжыраган абалга келүү. *Чайга оозум күйдү.* 7. Бүткөн бою, денеси ысуу. *Аман аке ысып, күйүп чабалактап жаткан эле* (Абдумомунов). *Тамактан такыр каласың. Суусап күйүп-жанасың* (Шүкүрбеков). 8. Үстү-үстүнө үйүлгөн нымдуу нерселер (эгин, чабылган чөп ж.б.) шамалдабай, аба жетпей, түтөп бузулуу, чирүү. 9. *өт.* Бир нерсеге бекеринен чыгым болуу, каражат жоготуу, зыян тартуу. *Пайда табуунун аракетин кылып, бирок жумшаган каражаты акталбай, күйүп калган соодагерлердей кабагың ачылбай турат го* («Ала-Тоо»). 10. *өт.* Ак жеринен жалаага жыгылуу, айыпталуу, караланууу. 11. Кимдир бирөөнүн абалына, шартына боору ачуу, жан тартуу, ал-абалын суроо, кайрылышуу. *Бизге күйө турган жалгыз сенсиң* («Ала-Тоо»). *Жеңеге жакын кыз күйөт* (макал). 12. Катуу кейиште болуу, күйүт тартуу, өксөө, күйүнүү. *Атаңа күйүп жалгызым, Көңүлүңдү бурбагын* («Манас»). 13. Өкүнүчтө болуу, өкүттө калуу, кейүү. *Ошондо эле сен айткандай кылбай деп, Садырбек эми күйүп жүрбөйбү* («Ала-Тоо»). *Мен сиздин мээнетиңиздин бошко кеткенине күйөм* (Каимов). ‖ Ызасы келүү, жаны кашаюу, теригүү. *Мунун обу жок корчоңдоп, мени башкармакчы болгонуна күйөм да!* («Чалкан»). 14. Карта оюнунда (банк ойногондо) алган карталардан келип чыккан сумма жыйырма бирден ашык болуп калып, уттуруп жиберүү. 15. *өт.* Ашык болуу, сүйүү. *Сыртыңдан күйүп жүрөмүн* (Тоголок Молдо). *Түн күзөтүп уктабай, Күйүп жүргөн кишим деп* (Үсөнбаев). 16. Күтүү. *Алыс жолго кетти деп, Алтымыш күнү күйөрмүн* («Эр Төштүк»).

**КҮЙБӨГӨН ЖЕРИ КҮЛ БОЛУУ** Абдан ызалануу, кыжыры кайноо, жаны кашайып

капа болуу, теригүү. *Мурун мындай кордук көрбөгөндүктөн, Алымбектердин күйбөгөн жерлери күл болду* (Жантөшев). *Ой, аны эмне кыласың? – деп айкырып жиберди Калыйча күйбөгөн жери күл болуп* (Медетов). *Бирдижарым аял-эркектердин кыйшаң-мыйшаң иштерин билсе, күйбөгөн жери күл болуп, туталанчу* (Казакбаев). *Назгүлдүн сөзүн укканда, Шариптин күйбөгөн жери күл болду* (Бейшеналиев). **В.: Күйбөгөн жери күйүү.** *Иш үчүн кызыкпаган кыздын таң кала караганына күйбөгөн жерим күйдү* («Кыргызстан маданияты»). **Күйбөгөнү күл болуу.** *Айрыкча ушул кабарды уккандан бери Казактын күйбөгөнү күл болду* (Сыдыкбеков).

**КҮЙГӨН** Сүйүүгө, ашыктыкка байланыштуу. *Күйгөн ырлар.*

**КҮЙГҮЗ** 1. **күй II** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Намысына тийгидей, чычалагыдай кеп айтуу, куйкум сөз, какшык менен тамашалоо, мыскылдоо. *«Буга өзүңдөн башка жарай турган ким бар» – деп күйгүзбөдүбү. Какшыгың айтып күйгүзөсүң ээ!*

**КҮЙГҮЛТҮК** Күйүп-быша берүүчүлүк, түйшүк, убаракерчилик. *Кээ бир жерде күйгүлткө түшүп, кай бир жерде күүлүү жүрдүм* («Чалкан»). *Эки жигитке Айдайдын алыстан баратышы күйгүлтүк түшүрдү* (Каимов).

**КҮЙГҮЛТҮКТӨН** Күйгүлтүккө түшүү, тынчсыздануу, бушайман болуу, чебеленүү. *Тамак жебеген сайын кызын аяп, энеси күйгүлтүктөнө берди* (Байтемиров).

**КҮЙГҮЛТҮКТӨНҮҮ күйгүлтүктөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙГҮЛТҮКТҮҮ** Күйдүргүлүү, какшыктуу. *Айжан кыз ачык өскөн алдейленип, Сөз салат күйгүлтүктүү тамашалап* (Маликов).

**КҮЙДҮ: ич күйдү** Таарынычтан, ызалыктан келип чыккан наразылык, кек сактагандык. *Шарап ичип күйдүсү бар немедей сүйлөдү* (Бейшеналиев). *Эскиден ич күйдүсү бар жеңебиздин жарпы жазылбай, айткан кебиңер талаага кетип жүрбөсүн* («Ала-Тоо»).

**КҮЙДҮЛҮК: ич күйдүлүк** *к.* **күйдү (ич күйдү).**

**КҮЙДҮМ-БЫШТЫМ БОЛУУ** Турмушка бышуу, турмуштун ачуу-таттуусун башынан өткөрүп, бышык болуп, такшалып калуу. *Турмушту түшүнгөн, күйдүм-быштым болгон киши гана ал ишти аткара алат* («Ала-Тоо»).

**КҮЙДҮР күйгүз** менен бирдей.

**КҮЙДҮРГҮ** 1. Чыйкан сыяктуу чыккан жара, Сибирь жарасы. *Котур чыйкан, күйдүргү, Эзели түбү кетпесин* (Жантөшев). 2. *өт.* Күйгүзүп, мыскылдап сүйлөгөн тамашакөй, куудул. *Сен жеткен күйдүргү экенсиң. Күйдүргү сөздөрүңдү жылдырбай отур.*

**КҮЙКӨ** *аңч.* Өңү кызыл чаар алгыр куш. *Кыргыйга күйкө окшошот, Учса баары топтошот* (Барпы). *Күйкөнүн эң кыраaны чымчык алат* (Сыдыкбеков).

**КҮЙКӨЛӨК** Болор-болбоско кейип-кепчиген, күйүп-бышкан, шашкалактаган, чебелектеген, чычалак. *Элебес эзелтен жөнү жокко капачыл, күйкөлөк адам* (Элебаев). *Колунан иш келбегендин баары ушундай күйкөлөк болот* («Ала-Тоо»).

**КҮЙКӨЛӨКТӨ** Күйүп-бышып чебелектөө, туталануу, тынчсыздануу, курулай убайымдана берүү. *Бала кечикти го деп кобурап, энеси күйкөлөктөй берди* (Касымбеков).

**КҮЙКӨЛӨКТӨН күйкөлөктө** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮЙКӨЛӨКТӨӨ күйкөлөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙКҮЛ** *туурасы:* **күйпүл.**

**КҮЙМӨ** 1. Кап, каптагыч. 2. Эки дөңгөлөктүү жеңил арабанын үстүндөгү калканч жапкычы – кабы, коoздолгон жабуусу. 3. Баатырлардын минген аттарынын согуштук жабуусу. Калың тери, кайыштан иштелген каптагыч жабуу. *Тула бою күймөлүү, Туягынан башкасы, Бары күмүш түймөлүү* («Манас» С.О.).

**КҮЙМӨЛ** Буйдалуу, кармалып калуу, токтолуу. *Күймөлүп отура бергениме өкүнбөй, жалындуу жаш талапкер менен мектешкениме кубанып калдым* (Сыдыкбеков). *Күймөлбөй ат жетектеп жөнөп калдым* (Үмөталиев).

**КҮЙМӨЛТ күймөл** этишинин аркылуу мамилеси. *Күймөлтпөсүн, душманды биз, Душманды биз басарда* (Токомбаев).

**КҮЙМӨЛТҮҮ** Буйдалык кылуу, кармалып калуу.

**КҮЙМӨЛҮҮ күймөл** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙМӨН** 1 **күймөл** менен бирдей. *Үйдүн ичинде бир азга күймөнө түшүп, бир кара катын босогодон көрүндү* (Касымбеков). *Күлүктү бердим минсин деп, Күрдөлдүү жоого беттешсе, Күймөнбөстөн кирсин деп* («Эр Табылды»). 2. Жайбаракат козголуу, жай кыймылдоо. *Жыгачтан чыкты күймөнүп, Каруусу такыр кеткенсип* (Жантөшев).

**КҮЙМӨНӨ АЛБОО** Айыга албоо, оңоло албоо.

**КҮЙӨӨ I** 1. Аялдын эри (аялына карата). *Кишимжандай сулуунун, Байназар болду күйөөсү* (Үсөнбаев). *Канчайым күйөөсүнүн табы жоктугун жакшы түшүндү* (Каимов). *Жаш келиндин ушул мүнөзү күйөөсүнө бөтөнчө жага турган* (Сыдыкбеков). 2. Кыздын кудалаган жигити жана турмушка чыккан кыздын, аялдын эри (кыз тарапка, кыздын өзүнөн улуу ага-туугандарына, жежеңелерине карата). *Туюнбай барып сынайлык, Күйөө болчу баланы* («Курманбек»). *Кокус, күйөө күйөөлөп келсе кантебиз? Кийинтсең боло кызыңды, – деди Татыгүл Казатка* (Сыдыкбеков). *Сапек старчын өткөн жылы Калтабайды күйөө кылууга ашыкты.* (Токомбаев). *Мал арбыды жүдөдүм, Тогуз*

*кызга тогуз уул, Күйөө таап ала албай, Күйүт тартып жүрөмүн* («Эр Төштүк»).

**КҮЙӨӨ II** 1. *аңч.* Жайылган тордун ичинде байлооч байланган чыбык. 2. Өрмөктү чаташтырбай согуу үчүн жиптерди чыбыкка үстүнөн топ-топ кылып байлоо.

**КҮЙӨӨ БАЛА** Кыз берген тараптын кызынын күйөөсү. *Тигил эки кишинин сары сакалы – күйөө балам* (Сыдыкбеков). *Уулу жана күйөө баласы фронтко кеткен* (Сасыкбаев).

**КҮЙӨӨ ЖОЛДОШ** Күйөөлөп барган, күйөө боло турган жигиттин жанында жүрүп, ар кандай ырым-жырым иштерине кийлигишүүчү жолдошу. *Күйөө жолдош демек сөз, Бизге мурас калыптыр* («Манас» С.О.). *Кыз-күйөөнүн берки маңдайында күйөө жолдош* (Жантөшев).

**КҮЙӨӨГӨ ЧЫГУУ же турмушка чыгуу** Турмуш куруу, бирөө менен баш кошуу. *Тилекке жетсек, ушул кезде турмушка чыксам деген үмүтүм бар эле* (Байтемиров).

**КҮЙӨӨЛӨ** Кудалашып койгон колуктусуна күйөөлүк жолу менен барып туруу, салт боюнча колуктусу менен белгилүү убакка чейин бирге болуп, үйүнө келип-кетип туруу. *Күйөөсүнүн эмдигиче күйөөлөп келбегени жаман төлгө* (Сыдыкбеков). *Бечара чоң энебиз кызы Данаканга сөйкө салынганын, күйөө күйөөлөгөнүн кандын балдарына сездирбейт* (Сыдыкбеков).

**КҮЙӨӨЛӨӨ күйөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙӨӨЛӨТ күйөөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЙӨӨЛҮК** Күйөөнүн абалы, күйөөнүн милдети. *Күйөөлүк жөнүн билгизип, Жеңе, балдыз жетелеп, Ак өргөөгө киргизип* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КҮЙӨӨЛҮҮ** 1. Кудалашып койгон күйөөсү бар. *Бай Карабай өз атам, Күйөөлүү кызга көз артам* (Тоголок Молдо). 2. Эри бар, күйөөгө чыккан. *Мен күйөөлүүмүн, сиз аялдуусуз* («Ала-Тоо»).

**КҮЙӨӨЧҮЛӨ күйөөлө** менен бирдей. *Чачыкени апкелди, Күйөөчүлөп кайындап* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КҮЙӨР** Азап-тозогуна, кайгы-капасына каралашып жан тартуучу, кайрылышып жардам берүүчү. *Калк атасы кан Бакай, Күйөрүнөн айрылды* («Сейтек»). *Апасы өлсө, апасындай күйөрү мына мен тирүүмүн* (Ка-сымбеков).

**КҮЙӨРМАН** 1. Бирөөгө каралашып, жардамдашууга дилгир, күйүмдүү, жаны ачып, жан тарткан боорукер, кайрымдуу. *Күйөрман жигит баштагы, Кулум көз жарын таштады* («Чалкан»). 2. Спорттук, улуттук оюндарга ж. б. абдан кызыккандыгын, ышкыбоз экендигин көрсөтүп, спортсмендерге же дагы башка бирөөлөргө жан тартып, алар үчүн күйүп-бышуучу киши. *Футбол күйөрмандарынын каттарына газета бетинде жооп берүүгө туура келди* («Эркин-Тоо»). *Тобокел өзүнүн чеберчилигин күйөрмандар алдында көрсөтүүгө тырышат* («Аалам»).

**КҮЙӨРМАНДЫК** 1. Каралашып-кайрылышууга дилгирлик, күйүмдүүлүк, боорукерлик. 2. Спорттук, улуттук оюндарга кызыгуучулук, ышкыбоздук.

**КҮЙӨРМӨН күйөрман** менен бирдей.

**КҮЙПӨЙ** Маанайы пас, үрпөйүңкү, куучуюп жүдөгөн, күйпүл көрүнүштө болуу. *Жусуп жылдызы түшүп, шагы сынып, күйпөйүп кайтты* (Сыдыкбеков). *Батийна өксүп, басынып, күйпөйүп калган* (Сыдыкбеков).

**КҮЙПӨЙТ күйпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЙПӨЛ** *туурасы:* **күйпүл.**

**КҮЙПӨЛӨКТӨ** Тынчсызданып, карбалактап убаралана берүү, шашкалактап, чебелектеген абалда болуу, күйпөңдөө. *Кемпир күйпөлөктөп, жүгүрө басып, тамак-ашын даярдай баштады* (Баялинов) *Бурулча кейип, күйпөлөктөп пристандын четинде турду* (Баялинов).

**КҮЙПӨЛӨКТӨӨ** 1. **күйпөлөктө** этишинин кыймыл атоочу. 2. Тынчсыздануу.

**КҮЙПӨЛӨҢДӨ күйпөлөктө** менен бирдей. *Тилекмат короодо күйпөлөңдөп бирдеме кылып жүргөн экен* (Элебаев).

**КҮЙПӨҢДӨ** Өзүнчө эле тынчсызданып убараланган, шашкалактап, чебелектеген абалда болуу, күйпөлөктөө. *Кемпир күйпөңдөп, кичинекей темир мештин кулун чыгарып жатты* (Элебаев). *Умсунай апа эки эчкисинин сүтүн саап, жыйнаган каймагын сызгырып, күйпөңдөй баштады* (Сасыкбаев).

**КҮЙПӨҢДӨӨ күйпөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙПӨҢДӨТ күйпөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЙПҮЙ күйпөй** менен бирдей.

**КҮЙПҮЛ** Жүнү, чачы уйпаланып үрпөйгөн, арыктаган, жүдөө. *Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот* (макал). *Эчен жылы күйпүл болгон, Бүгүн мына тарандык* (Бөкөнбаев).

**КҮЙПҮҢДӨ күйпөңдө** менен бирдей. *Күйпүңдөп жүрүп кур калган, Күлүшадай болбойлу* (Осмонкул).

**КҮЙРӨ** *диал.* Кыйроо, кыйрап сынуу. *Кабыргасы күйрөдү.*

**КҮЙРӨК** Топ-топ болуп чыгуучу караган бута сыяктуу тоо өсүмдүгү. *Шыбак менен күйрөктөн, Кырс этер башка чөбү жок* («Мендирман»).

**КҮЙҮГҮҮ күйүк III** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙҮК I** 1. Жыгачтын, нандын ж.б. карарып күйүп калган же чала күйгөн бөлүгү. *Үңкүрчөнүн оозжагында арчанын сыныктары, күйүк дүмүрлөрү жатат* (Каимов). *Күйүк көмөч, күлчө нан, Кудайы кайыр сурадым* (Ток-

тогул). 2. Күйгөн нерселердин даамын, жытын билдирүүдө колдонулат. *Күйүк даам экен деп, Ал карабай калат сызыкты* (Шүкүрбеков). *Сүт күйүк даамданып, Махабат карандай чай ичип калды.*

**КҮЙҮК II күйүт** менен бирдей. *Күйүттүү жанды көп көрдүм, Менин күйүгүм качан басылат* («Манас»).

**КҮЙҮК III** 1. Чуркоо, ылдам басуу, бийик жерге чыгуу ж.б. сыяктуу катуу кыймыл-аракеттерден улам дем алышы кыйындап, энтигип жүрө албай калуу, деми кыстыгып чарчоо. *Чуркап келген жаны калбай күйүгүп* (Осмонкул). *Мээнетине сүйүнүп, Кырман чаап күйүгүп* («Манас»). 2. Күйүк тартуу, убайымдуу болуу. *Күйүккөн черин басайын, Кыйбагын күндөй ачайын* («Эр Төштүк»). *Күйгүздүң сулуу Арзы сен, Күйүгүп бүтүп калдым мен* (Барпы).

**КҮЙҮКТҮР күйүк III** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЙҮКТҮҮ күйүттүү** менен бирдей. *Күн санап күндөр тарылат, Күйүктүү жүрөк жарылат* (Токомбаев).

**КҮЙҮКЧӨӨЛ** Бат күйүгүүчү, басканда дем алышы кыйындап, тез чарчоочу. *Киши карыганда күйүкчөөл болот* (макал).

**КҮЙҮМ** Бирөөнүн башына кырсыктуу, азаптуу иш түшсө же кандайдыр бир кыйынчылыктарга дуушар келсе, аны таштап койбостон, анын кайгысына ортоктош болуп, кайрылып-каралашуучулук, боорукерлигин, кайрымдуулугун көрсөтүп, жардамдаш, көмөктөш болуу сезими. *Күйүмү күчтүү. Күйүмү жок.*

**КҮЙҮМДҮҮ** Бирөөнүн кайгы-капасын, жамандык-жакшылыгын тең бөлүшкөн боорукер. *Бирөөнүн башына кыйынчылык түшкөндө, ага каралашып жардамдашкан күйүмдүү, мээримдүү, чыдамкай болот* (Байтемиров).

**КҮЙҮМДҮҮЛҮК** Бирөөнүн кайгы-капасын, азап-тозогун тең бөлүшкөн боорукерлик. *Балага күйүмдүүлүгү жагынан энедей болобу* (Бейшеналиев). *Суусар Жылдызкандын ачык пейилин, курбусуна күйүмдүүлүгүн жактыруучу* (Байтемиров).

**КҮЙҮМСҮЗ** Күйүмдүү эмес, күйүмдүүлүгү жок. *Күйүмсүз бала. Күйүмсүз жолдош.*

**КҮЙҮМСҮЗДҮК** Күйүмдүүлүгү жоктук, боорукер эместик. *Күйүмсүздүгү байкалды.*

**КҮЙҮН** Күйүп-бышып кайгырган же жаны ачыган абалда болуу, кейип-кепчип, абдан капалануу, күйүткө учуроо, күйүт тартуу. *Күйүнүп жесир болобу, Сүйүшкөн Тоту ашыгым* (Токтогул). *Ишке чыкпай үч күнү Каралуудай күйүндү* (Токомбаев). *Кубанчым уксаң, менден да озуп сүйүнгөн, Кайгыма кейип, менден да мурда күйүнгөн* (Бегимкулова).

**КҮЙҮНДҮ** Жыгачтын же башка нерселердин отко чалдыккан же чала күйүк болуп калган калдыктары. *Төрт буту асманды карап аңтарылган машиналардын, танкалардын күйүндүлөрү көзгө чалынат* (Касымбеков).

**КҮЙҮНДҮР күйүнт** менен бирдей.

**КҮЙҮНТ күйүн** этишинин аркылуу мамилеси. *Аягында минетип, Күйүнтөсүң, Элдияр* («Эр Төштүк»).

**КҮЙҮНҮҮ күйүн** этишинин кыймыл атоочу. *Жамандык болсо күйүнүүгө, жакшылык болсо сүйүнүүгө болбойт* (Жантөшев).

**КҮЙҮНҮЧ** Күйүп-бышып кайгы тарткан, күйгүлтүккө түшкөн, өкүнүчтүү абал, күйүт. *Антташканың Семетей, Душманга салды күйүнүч* («Семетей»).

**КҮЙҮНЧҮ күйүнүч** менен бирдей. *Сүйүнчү, ханым сүйүнчү, Душманга болсун күйүнчү* («Семетей»).

**КҮЙҮП-БЫША БЕРҮҮ** 1. Шашкалактап, шашып-бушуп чебеленүү, кейип-кепчий берүү. *Иш бүтмөйүнчө уйку бетин көрбөй, күйүп-быша бермей адаты бар* («Ала-Тоо»). *Күлчоро зайбы Акбала Күйүп-бышып жүгүрүп* («Сейтек»). 2. Аябай теригүү, ыза болуу, чычалоо. *Мансур айтпаган сөздөрдү айтып, аябай күйүп-быша берди* (Абдукаримов). **В.: Күйүп-жана берүү.** *Үшкүрүп шордууларды карап алып, бук болуп күйүп-жана берет* (Турусбеков).

**КҮЙҮП ТУРГАН ЧОК** Эч нерседен кайра тартпаган баатыр тайманбаган эр жүрөк, өткүр. *Көкөтөйдүн Бокмурун Он экиге келгенде, Күйүп турган чок чыгып* («Манас»).

**КҮЙҮТ** Оор жоготуудан, кырсыктан, башка түшкөн катуу кордуктан, азаптан ж.б. келип чыккан убайымдуу кайгы, көңүл чөктүргөн күйүттүү сезим, өкүнүчтүү кайгы зар. *Күлпөттүү элден айрылып, Күйүттүү күндө турамын* (Казыбек). *Курдашымдын өлүмү мен үчүн катуу күйүт болду* (Убукеев). *Мурунтан күйүт көп тартса, Муңдуунун үнү басылбайт* (Барпы). *Кор болбой турган алтын баш, Күйүттө жүрүп карыдым* (Токтогул). *Күйүт ырын көп жаздым, Ырым менен дарылайм деп кайгымды* (Мамазаирова). *Күйүт болуп өтүп күткөн дүйнөңдөн, Күлгүн болуп кыялыңда жүрөм мен* (Келдибекова).

**КҮЙҮТСҮЗ** Башына оор кайгы-капа түшпөгөн, күйүт тартпаган. *Туушту туу тууган ардан байт, Күйүтсүз киши зарданбайт* (Токтогул).

**КҮЙҮТТӨН** Күйүт тартуу, катуу кайгыга, күйүткө дуушар болуу. *Күйүттөнүп азап тартуу.*

**КҮЙҮТТӨШ** Бирге күйүт тарткан, күйүтү бирге.

**КҮЙҮТТҮҮ** Оор кайгы-капалуу, күйүтү бар, күйүтү күчтүү. *Мен күйүттүү Күлүсүн* (Калык). *Күйүттүү болгон куу тумшук, Мени көрсө ыйлайт го* («Эр Табылды»).

**КҮЙҮТҮ КҮЧӨӨ** Убайымы артуу, кайгы-капасы көбөйүү. *Жолборстун акыбалы көтө-*

*рүлгөнү Жоро шайтандын жылдызы жерге түшүп, куйкасы курушуп, күйүтү күчөгөн* (Жигитов).

**КҮЙҮҮ I күй I** этишинин кыймыл атоочу. *Отко күйүү. Жалындап күйүү.*

**КҮЙҮҮ II күй II** этишинин кыймыл атоочу. *Кырк күн күйүүгө убада берүү.*

**КҮЙҮҮЧҮ** Күйүү касиети бар, күйө турган. *Күйүүчү май. Күйүүчү заттар. Күйүүчү газ. Күйүүчү суюктуктар.*

**КҮЙҮШ 1. күй III** этишинин кош мамилеси. 2. Бири-бирине каралашып, өз ара жакын санашкан, бири-бирине кам көргөн мамиледе болуу. *Айылдан куумак оңой иш Андай күйүшпөй турган аганы* («Саринжи-Бөкөй»). *Күйүшөр агаң Орозбек, Көрүнбөйт кайда калды экен* (Калык).

**КҮЙШӨ** 1. Данды (мис. таруунун, арпаны) сокуга салып жанчуу аркылуу кабыгынан ажыратуу. *Таруу күйшөп сокуга жанчуу.* 2. Ийнин, далысын ыкшай козгоп кыймылдатуу. *Курманов буга таң калып, түшүнбөстөн далысын күйшөдү* (Баялинов). *Менин сөзүм жакты белем шоферго, Жымың этти күйшөп коюп ийинди* (Токомбаев). 3. Бат эле аймап коюу, арыдан-бери сугунуп, чайнап жеп жиберүү. *Ыйман бат эле бир көмөч нандын теңин күйшөдү* («Ала-Too»).

**КҮЙШӨЛ 1. күйшө** этишинин туюк мамилеси. 2. Чечкиндүү боло албай, шар кетпей, токтолуп, кыйналган, кысылыш тарткан абалда болуу. *Кадыр бул суроого кандайча жооп берерин билбей, күйшөлүп буулукту* (Сасыкбаев). *Жер казгандар күйшөлүп бирин-бири караштьы* (Сасыкбаев).

**КҮЙШӨЛҮҮ күйшөл** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙШӨӨ күйшө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЙШӨТ күйшө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮКҮК I** 1. Өзү уя салбай, жумурткасын башка канаттуунун уяларына тууган, токойлордо, бак-дарактуу жерлерде жашоочу келгин куш. *Күкүк үндөйт көктөмдө, Торгой сайрайт көктөрдө* (Тоголок Молдо). *Күкүгү сайрап чакырат. Торгою чөлдө сайраса, Тоосунда улар бакырат* (Казыбек). 2. Ушул канаттуунун эркеги (ургаачысы – сейнек). *Күңгөйгө айлым жайлаган, Күкүгү муңдуу сайраган* (Казыбек). *Күкүк менен сейнектей, Үн алышып ырдашкан* (Бөкөнбаев). 3. Ушул канаттуунун күкүк, күкүк деп сайраган дабышын тууроодо колдонулат. 4. *өт.* Жез тандай акын, ырчы. *Күкүгүң эле Токтогул, Күн тийбес жерге айдалды* (Токтогул). *Күү чертип эркин сайраган, Күкүк элем, наалыдым* (Токтогул).

**КҮКҮК II: күкүк болуу** *же* **күкүк болуп кирүү** Суу буурақандап, күүлдөп-күркүрөп, ташкындап кирүү. *Күрүлдөп үнүң басылбайт, Күкүк болуп күүлөнүп* (Тоголок Молдо). *Кышында кар оор түшүп, жазында сай-сайларга суу батпай күкүк болуп кирди* («Ала-Too»).

**КҮКҮК МЕНЕН ЗЕЙНЕПТЕЙ** Бири-бирине жете албай, көрүшө албай аябай сагынышкан, көрүшсөк деп эңсешкен абал. *Жокчулуктун айынан канча жыл көрүшө албай күкүк менен зейнептей болдук* (Бейшеналиев) .

**КҮКҮКТӨ** 1. Күкүк, күкүк деп сайроо. *Күкүктөр ар кайсы жерде күкүктөп сайрай баштады.* 2. Ашып-ташып, күрүлдөп-шарылдап катуу агуу, кар эрип, суу толуп, өзөн дарыя буурақандап ташкындоо. *Тоолорду жарып чыгып жаңы дайра Күкүктөп агып кирди батпай сайга* (Маликов). *Күкүктөгөн чоң суудан өтүүгө кечүү чалышты* (Токомбаев).

**КҮКҮКТӨН күкүктө** этишинин өздүк мамилеси. *Өзөн суу күкүктөнүп кирип жаткан убагы эле* (Каимов).

**КҮКҮКТӨӨ I күкүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮКҮМ** Нандын же башка нерселердин бүртүкчө болуп майдаланган, күкүмдөнүп талкаланган майда бөлүгү. *Короодо тобу менен ары-бери кайкып учуп жүргөн көгүчкөндөр Берметтин таштаган күкүмдөрүнө жабыла учуп келишти* («Ала-Too»). *Жапаркул бөлкөнүн күкүмүн чеберденп табакка күбүп жаткан экен* (Элебаев).

**КҮКҮМДӨ** Упуратып майдалоо, майдаланып күкүм болгон, талкаланган абалга келтирүү. *Асканын ташын күкүмдөп, Асманга кумдай сапырган* (Бөкөнбаев).

**КҮКҮМДӨЛ күкүмдө** этишинин туюк мамилеси.

**КҮКҮМДӨН күкүмдө** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮКҮМДӨӨ күкүмдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮКҮМДӨТ күкүмдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮКҮМДҮҮ** Күкүмдөрү көп, күкүм болуп майдаланган. *Күкүмдүү таш көмүр.*

**КҮКҮРТ** 1. Өнөр жайларда, айыл чарбасында, согуш иштеринде, медицинада колдонулуучу сары түстөгү күйүүчү химиялык элемент. *Күкүртү күйөт жаркырап, Нефтиси агат шаркырап* (Үсөнбаев). 2. *диал.* Ширенке. *Мына күкүрт, издебей эле кой, апа* (Байтемиров).

**КҮКҮРТТӨЙ КАЙНОО** 1. Көбүрүп-жабырган, жыты буркурап катуу, күчтүү чыккан абалда болуу (көбүнчө бозого карата). 2. Буурақандап алкынуу, чамына берүү.

**КҮКҮРТТӨЙ КҮЙГӨН** Курч, өткүр, таймандаган, өтүмдүү. *Мазар ападан күкүрттөй күйгөн сендей уул чыкты* (Осмоналиев).

**КҮКҮРТТҮҮ** Курамында күкүртү бар, күкүрт аралашкан. *Күкүрттүү кычкыл газ.*

**КҮЛ I** 1. Жыгачтын, куурайдын же ар кандай күйүүчү заттардын күйүп бүткөндөн кийинки калдыгы. *Коломтодогу күлгө көөмп*

*кеткен чок аз эле калыптыр* (Байте-миров). *Үч тонна шакарлуу күл табышыбыз керек* (Жантөшев). 2. Койдун терисинде кездешүүчү оору.

**КҮЛ II** *туурасы:* **гүл.**

**КҮЛ III** 1. Күлкү келерлик кеп-сөз укканда же тамашага, кандайдыр бир окуяга карата же көңүлү көтөрүлүп, шаттанып, кубанып турганда ж.б. өзгөчө сезимин билдирип каткыруу, кыткылыктоо, жылмаю аркылуу күлкүсүн чыгаруу. *Кубанып күлөт карыя Курбулары жанында* (Бөкөнбаев). *Амантур каткыра катуу күлдү* (Убукеев). 2. Бирөөнү жактырбай табалаганын, шылдың кылганын же бирөөнүн оюн, ички сырын ж.б. биле койгондугун күлкү аркылуу билдирүү. *Кайра мени шылдың кылгансып, атам корс-корс күлөт* (Сыдыкбеков). *Биле коюп кубанып, Мыйыгынан күлдү эми* («Эр Төштүк»). *Күлө турган иш, агайындар! – деп, Ачеке карыя колхозчуларга карады* (Убукеев). *Жок, садага иничек, Баласынтып күлбөймүн* («Мендирман»). 3. Жадырап-жайнаган абалды, шандуу-шат көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Күн жылып эритип калды, Жылмайып күлдү жаздын алды* (Шүкүрбеков). *Нымтырап жаткан боз талаа Шаңданып күлгөн, сергиген* (Бөкөнбаев). *Эл күлдү да, жер күлдү, Бирин-бири сүйгөндөй* («Мендирман»). *Күлүп ийсең, кашкайган таңың кана? Көчөлөрдү дүрбүткөн шаңың кана?* (Мамазаирова).

**КҮЛ IV: үч күл** Үч бурчтук.

**КҮЛ АЗЫК** Узакка сапарга чыкканда алып жүрүүгө ылайыкталган, оңой менен бузулбай турган азык-түлүк, тамак-аш. *Күл азыгын шайлашып* («Манас» С.О.). *Анатай сен дагы атаңа күл азыкты өз колуң менен даярдаш үчүн окууну таштай турасың. Бир жыл болобу, эки жылбы, аны көрөбүз* (Айтматов). *Отуз нарга жүктөтүп, Түгөнбөс түрдүү күл азык* («Курманбек»). *Эки жоокер бир куржун, Күл азыгын камдасын* («Мендирман»).

**КҮЛ АЛА БОЛУУ** Катуу ыза көрүп, шылдың болуп калуу, уят болуп сумсайып, шагы сынган абалда калуу. *Жанатадан бери сүйүнгөнүмдү кара, күл ала болуп сумсайганымды кара* (Байтемиров).

**КҮЛБОТО** 1. Отко чыдамдуу, көпкө чейин бузулбай, кыйрабай турган чопо, топурак. *Күл ботонун топурак, Кире менен алдырып* («Манас»). 2. Цемент. *Анжыянды чалдырган, Күлботону алдырган* («Манас»). *Дың жерлер болду күлбото, Дыйкандын өтпөс кетмени.*

**КҮЛ КУРЖУН** Күл азык салууга арналган куржун.

**КҮЛ КЫЛУУ** Абдан майдалоо. *Кызылча жерин күл кылып, Кыртыш чымын койбосун* (Осмонкул).

**КҮЛ ОЙРОН** Көбүнчө аялдар кошок кошкон мезгилде жаш өлгөн күйөөсүнө карата колдонулат. *Асылым Арпа күл ойрон, Кандай жорук баштадың* (Тоголок Молдо).

**КҮЛ ТОПУРАКТАРЫ** Ийне жалбырактуу жана аралаш токойдун астында өөрчүгөн топурак. *Сибирдин тоо-талаалуу аймактарында күл топурактары кеңири таралган.*

**КҮЛ ЧАЧАР** Тентек, шок. *Ал бир күл чачар. Кайран ата, баласы бир күл чачар чыкты.* **В.: Күл бузар.** *Мына, күл бузар деген ушул да.*

**КҮЛ ЧЕЛҮҮ** Ачулаануу, жинденүү, кыжыры келүү, буркан-шаркан түшүү. *Тазабек күүлдөп-шаалдап өзүнчө күл челет* (Сыдыкбеков).

**КҮЛ ЫРАҢ** Өң, түс, өңдүү, түстүү. *Чапанынын ичи күл ыраң экен* (Каримов).

**КҮЛБУРАК** 1. Гүлдүн желбирөөчү, гүлдүн желеги. 2. Сүйгөн кыз, гүлдөй үлбүрөгөн кыз. *Кызды көрсөм – гүлбурак бурагансыйт, Гүлдү көрсөм – кызбурак сылагансыйт* (Байзаков).

**КҮЛГААКЫ** 1. Каакым. 2. *өт.* Соолубаган, тоңбогон гүл. *Ошол жерде жайы-кышы суруга тоңбогон, ысыкка оңбогон гүлгаакы деген кызыл гүл бар экен* (Тоголок Молдо).

**КҮЛГӨ ООНАГАН КҮЧҮКТӨЙ** Кара ала, тору ала болуп булганган, кейпи кеткен, кирдеген. *Тигил, бул кычыктан күлгө оонаган күчүктөй болуп, балдар тура келишти* (Сасыкбаев).

**КҮЛГӨ ООНАТУУ** Шылдыңдоо, келекелөө, маскаралоо, мазактоо. *Жабыла барып, күлгө оонатуу керек! – деди Телтай деген атка минер* (Ш.Үмөталиев).

**КҮЛГӨ ЧАПКАНДАЙ** Уятка калуу, боз ала болуп, шагы сынуу, шылдың болуу. *Эми жоргомдон биротоло көксөм сууду. Оңдотуууну, бирөөгө көрсөтүүнү деги эле эңсебей калдым. Аялым да: «И-и! Күлгө чапкандай болдуңбу, – деп кырыма чыгат* («Кыргызстан маданияты»).

**КҮЛГҮЗ күлдүр I** менен бирдей. *Тоолук келин-кыздарды, Зоо жаңыртып күлгүздүң* (Бөкөнбаев).

**КҮЛГҮН** 1. Кандайдыр бир өңдүн ачык, жаркырап-жайнаган жаркын түсү. *Калың кара жедигер, күлгүндөрүн бүктөшүп, Көрктүү жүгүн жүктөшүп* («Эл адабияты»). *Күлгүн кызыл. Күлгүн жашыл. Күлгүн көк. Күзүндө жамгыр болбосо, Күлгүн чөп кайдан бүрдөсүн* (Токтогул). 2. Жаш, гүлдөп турган, жаркырап-жайнаган. *А тигил күлгүн жигит Мужадыл болсо, анча малдуу эмес атанын баласы* (Сыдыкбеков). *Күйүт менен өткөрдүм, Күлгүн жаштын жарымын* (Токтогул).

**КҮЛДӨ I** *туурасы:* **гүлдө.**

**КҮЛДӨ II** Терини иштетүүдө, бир нерселерди тазалоодо бетине күл жабуу же күл кошуу, бир нерсенин бетин, сыртын күл менен сүртүү, ышкуу. *Терини күлдөп коюу. Идиш-аяктарды күлдөп жууп тазалоо.*

**КҮЛДӨӨ күлдө II** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛДӨТ күлдө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЛДҮ** Бүткүл, жалпы, бүт, мүлдө. *Күлдү кыргыз журтумду, Көрөр бекем дегемин* (Токтогул). *Күн жүрүштүн жагында, Күлдү журту бар бекен* («Манас»).

**КҮЛДҮР I күл V** этишинин аркылуу мамилеси. *Бригадир Мукаштын айткан кеби олтургандарды күлдүрдү* (Сыдыкбеков). *Мурат агай түштөнгөнү чогулганда баарыбызды күлдүрүп тамашаларынан айтып берет.*

**КҮЛДҮР II: күлдүр-күлдүр** Күлдүрөгөн, күлдүрттөп чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Паровоз така-така, күлдүр-күлдүр, Тынымсыз кетип барат күндүр-түндүр* (Абдыраманов). *Батийна күлдүр-күлдүр саба бышып турган* (Сыдыкбеков).

**КҮЛДҮР МАМАЙ** 1. Күндүн күркүрөшү, чагылган түшкөндөгү катуу дабыштын чыгышы. 2. *өт.* Добушу өтө катуу чыккан, алыска тийген милтелүү чоң мылтык, замбирек. *Күлдүр мамай мылтыкты, Күркүрөтө аттырды* («Манас» С.О.).

**КҮЛДҮРГҮЧ** Адамды күлдүргөнгө шыктуу, куудул. *Мүлдө кыргыз жеринде, Күлдүргүч сендей жок эле* (Осмонкул).

**КҮЛДҮРЛӨ күлдүрө** менен бирдей.

**КҮЛДҮРӨ** Калдыр-күлдүр этүү, күлдүрттөө, күлдүр-күлдүр этүү. *Тоо көчкөндөй күлдүрөйт* («Мендирман»).

**КҮЛДҮРӨӨ күлдүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛДҮРӨӨЧ** Боз үйдүн чамгарактарын (түндүктүн кайчылашкан жыгачтарын) өрт жеринен тизмектештирип, бири-бирине чаташып турган ар кандай формадагы туура жыгачтар.

**КҮЛДҮРТ күлдүр II** менен бирдей. *Чаканы күлдүрт-күлдүрт чапкылаганда, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков).

**КҮЛДҮРТТӨ күлдүрө** менен бирдей. *Элебес да күлдүрттөгөн чаначка күлүмсүрөй карады* (Сыдыкбеков).

**КҮЛДҮСА** Чыйкан сыяктуу, бирок көгөрүп муундарга чыгуучу жара.

**КҮЛДҮҮ I** Күлү көп, курамында күлү бар, күйгөндөн кийин күлү көп чыга турган. *Күлдүү көмүр.*

**КҮЛДҮҮ II** *туурасы:* **гүлдүү.**

**КҮЛДҮҮ КҮЧҮК** Майда-барат нерселер менен алышып, үйдөн чыга албаган, күйпүл ала болуп абдан жүдөгөн, ындыны өчкөн деген мааниде. *Кээ бир наадандар жаш кыздарга үйлөнөр замат аларды эч жакка чыгарбастан, үйлөрүнө камап, күлдүү күчүк кылышат* («Ала-Тоо»).

**КҮЛДҮҮЛҮК** Көмүрдүн же башка нерсенин күйгөндөн кийин күлгө айлануу, канчалык даражада күл болуп майдаланып кетүү касиети. *Көмүрдүн күлдүүлүк нормасы. Жыйырма пайыз күлдүүлүктөгү көмүр.*

**КҮЛЖҮЙ** Күлтүйгөн чоң, күрсүйгөн кебетеде, көрүнүштө болуу. *Чайпала басып, күлжүйгөн Капсалаң Жакыптыкына келди* (Бейшеналиев).

**КҮЛЖҮЙТ күлжүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Орунтай чүйлүсүн күлжүйтүп, текчеден китеп карап жатты* (Бейшеналиев).

**КҮЛКАЙЫР** *туурасы:* **гүлкайыр.**

**КҮЛКАН** *диал.* Коломто, от.

**КҮЛКҮ** 1. Кубангандыгын, көңүлү көтөрүлгөндүгүн, шаттангандыгын, ырахаттангандыгын, тамашалагандыгын же кимдир бирөөнү шылдыңдагандыгын ж.б. үн чыгара каткыруу, кыткылыктап же жылмайып күлүү аркылуу билдирген ички сезим. *Кыя жолдон каткырган кыз күлкүсү угулат* (Бөкөнбаев). *Итикенин кыткылыктаган күлкүсү какшыктуу күлкү эле* (Жантөшев). 2. Шылдың, келеке, мыскыл. *Доско күлкү, душманга таба болбо* (Жантөшев). *Кийиз өтүк бутунда, Мына анык күлкү ушунда* (Шүкүрбеков).

**КҮЛКҮЛҮҮ** Күлкү келтирерлик, күлө турган, күлкү аралашкан. *Ар дайым күлкүлүү же кайгылуу окуядан кеп салууну жакшы көрөт* (Жантөшев). *Күлкүлүү шайыр сөзүң уккан сайын, Көңүлүм козголду бейм көтөрүлүп* (Осмонкул). *Кубанычтуу, күлкүлүү кобур көтөрүлдү* (Сасыкбаев).

**КҮЛКҮСҮ ЧЫГУУ** Көңүлү куунак, өтө кубанычтуу абалда болуу. *Сайра жеңенин күлкүсү чыгып, күнү тууду* («Чалкан»).

**КҮЛКҮЧҮ** Күлкүсү тыйылбаган, болор болбоско деле күлө берме, көп күлүүчү. *Бул топтун күлкүчүсү тигил Акия деген кетирейген сары келин белем* (Сыдыкбеков). *Дарыяхан күлкүчү болгондуктан, күлө берип көзүнөн жаш да чыкты* (Жантөшев).

**КҮЛКҮЧҮЛ күлкүчү** менен бирдей.

**КҮЛМҮҢ** Жылмайыңкы тартып, жымың этип койгон, жадырап-жайнап күлүңдөгөн көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Күлмүң этип жол жүрүп, Көп жылкы менен мол жүрүп* («Семетей»). *Гүлдөрдөй күлмүң-күлмүң берди белги* (Осмонов).

**КҮЛМҮҢДӨ** Күлмүң-күлмүң этип жайдарылануу, күлүңдөө. *Анткен менен Жайнак өзү күлмүңдөп көңүлдүүдөй* (Айтматов). *Бирөө күлсө күлмүңдөп, Тогуз күйкам курушуп тардыгамын* (Шимеев).

**КҮЛМҮҢДӨӨ күлмүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛМҮҢДӨТ күлмүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЛНАР** Анардын гүлү.

**КҮЛӨ** Селденин астынан кийүүчү төбөсү бийик топу сыяктуу жеңил баш кийим. *Күлө кийип башына Алакан ачып жайылтып* (Токтогул). *Мендирман кийди окшошуп, Думананын күлөсүн* («Мендирман»). *Бут туткундун кийгени таар сыяктуу одоно кара сокмодон күлө* (Касымбеков).

**КҮЛӨ БАГУУ** Өтө жайдары, мээримдүү мамиле жасоо. *Кашкар чөөгүндөн колуна суу куюп турган Зуураканга байбиче күлө багып кызына айткандай айтты* (Сыдыкбеков). – *Э-э... ыракмат балам, – деп ыраазылыгын жашырып-жаба албастан күлө багып төргө өттү* (Касымбеков). *Татыке аны утурлап күлө баккан чырайын көргөздү* (Өмүрбаев).

**КҮЛПӨҢ** Даңаза, атак-даңк, шаң. *Семетейдей чунактын, Айдыңынан ай коркот, Күлпөңүнөн күн коркот* («Семетей»).

**КҮЛПӨТ** Ойноп-күлүп көңүл ачкан таң-тамаша, шаан-шөкөт, үлпөт. *Күйөө келип той болуп, Күлпөткө балдар жыргашып* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кыйбат Бермет сулууну, Кырк күнү күлпөт тойлотуп* («Саринжи-Бөкөй»). *Күлпөттүү элден айрылып, Күйүттүү күндө турамын* (Казыбек).

**КҮЛТҮГҮ ЖОК** Уяты жок, уятсыз, абийирсиз. *Күлтүгү жок жигит. Күлтүгү жок кишиге айла жок тура.*

**КҮЛТҮЙ** Күрсүйгөн чоң, семиз көрүнүштө болуу, жоон-жолусунан келген, дүңкүйгөн кебетеде болуу. *Бир оокумда ак саргыл, бети тултугуй, күлтүйгөн чоң киши келди* (Байтемиров).

**КҮЛТҮК** 1. Баланын сийдиги, заңы чогулушу үчүн бешиктин алды жагына орнотулуп коюлуучу идиш. 2. *аңч.* Капканды тээктегенде анын үстүнө салынуучу кийиз.

**КҮЛТҮЛДӨ** **күлтүңдө** менен бирдей. *Күнөөкөр киши тапкансып Чачыке, сен күлтүлдөйсүң килеңдеп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КҮЛТҮҢ-КҮЛТҮҢ** Чоң, семиз, күрсүйгөн дененин олдоксон кыймыл-аракетин билдирүүдө колдонулат.

**КҮЛТҮҢДӨ** Өтө чоң, семиз, күрсүйгөн кебетеде күлтүң-күлтүң этүү, көлтөңдөп олдоксон кыймыл-аракетте болуу. *Байдөбөтүңөр мындан кийин күлтүңдөп бул жерде жүрүүчү болбосун* (Маликов).

**КҮЛТҮҢДӨӨ** **күлтүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛТҮҢДӨТ** **күлтүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЛҮ ДОДО БОЛБОО** Бир жерге байыр алып турбоо, турук албоо, ар кайсы жерде көчүп жүрө берүү. *Же ырайы келбеген, күлү додо болбогон, ынтымаксыз, тойбогон токур элденби?* (Касымбеков). *Кечеги күлү додо болбогон өмүрдү сапырып келип: – Белине кылыч байланып Абаңдын Барбаган жери калбаган, – дейт* (Көчкөнов). *Күлү додо болбой араздашып, өз бетинче кеткен ата-эне сөрөй ушу тирүүлөй жетимди ойлойт дейсиңби?* (Айтматов).

**КҮЛҮ ЖОО** Тегинде каршы, ою түз эмес, пикирлери келишпеген. *Курманжан бүбү күлү жоо күндөштөрдүн көңүлүн жайгарып, чиренген бек эринин купулуна толуп, акылы ага акылчы, айлына башчы болууга татып кетти* (Касымбеков).

**КҮЛҮ МЕНЕН ЧЫГУУ** *к.* **оту менен кирип, күлү менен чыгуу.**

**КҮЛҮК** 1. Мыкты жүгүргөн, жүрүшү, чуркаганы тез, ылдам. *Күлүк атын атамдын Сурап келгин, кырк жигит* («Курманбек»). *Мүйүздөрүн алты кайрып орогон Тайган жетпес күлүк теке, кулжа бар* (Осмонкул). *Демейде кибиреген тумсак Керез күлүк Кычанга да караандатпай жөнөдү* (Бейшеналиев). *Күчтүү күлүк от араба Алга карай зыркырайт* (Токомбаев). ‖ Катуу жүгүргөн, күлүктүгү жагынан таанымал болгон жылкы. *Күлүк күнүндө, тулпар тушунда* (макал). *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул). *Бөлүнүп чыгып келатса, Күлүктүн көркү чаңында* («Мендирман»). *Күлүк кетсе из калар, Күлдү журтта сөз калар* (Калмырза). *Таң-тамаша башталды, Күлүктөр тандап чабылып* (Шүкүрбеков). *Күлүк келет төрт аягы соруп жер, Күү-шаа түшөт тогуз балда согуп жел* (Кулумбаев).2. Тынбай удургуй берген, тез-тез өзгөрүлүп турган, учкул. *Көпчүлүк кызый-кызый сөзгө кирип, Күлүк ой барган сайын өзгөрүлүп* (Осмонкул). *Десеңчи чиркин санаа кандай күлүк* (Турусбеков). 3. Алдыда, алдыңкы катарда экендигин, мыктылыгын, башкалардан өзгөчөлүгүн билдирүүчү эпитет катарында колдонулат. *Мен кыргызмын, жигитмин, Байгеде чыккан күлүкмүн* (Үмөталиев).

**КҮЛҮК АТТЫ БУЧКАККА ЧАПКАНДАЙ** *к.* **жылаңач төөнү бучкакка чапкандай.**

**КҮЛҮКТҮК** 1. Тез жүгүргөндүк, ылдамдык, күлүк жылкыга же башка айбандарга, транспорттун түрлөрүнө ж.б. таандык касиет, сапат. *Күлүктүктүн белгиси – Жер тандабай жүгүрөт* (Токтогул). 2. *өт.* Ырдаганда, сүйлөгөндө ж.б. токтолбой шар кетүүчүлүк. *Күлүктүгүм карматсам, Жарышмакка кандайсың* (Осмонкул).

**КҮЛҮМ КӨЗ** Күлмүңдөгөн, көзү күлүңдөп, жагымдуу көз карашы менен адамды өзүнө тартып турган (кыз-келиндерге карата). *Күлүм көз келин кездешти, Кийгени жибек шоодурап* (Маликов).

**КҮЛҮМДӨ** **күлүңдө** менен бирдей. *Күлүмдөп жаздын алды кирип келди* (Бөкөнбаев).

**КҮЛҮМСҮ** **күлүмчү** менен бирдей. *Күлүмсү жыт мурдума бур этти* (Абдырахманов).

**КҮЛҮМСҮРӨӨ** 1. Күлө багып жылмаюу, күлүңдөгөн, жылмайыңкы тарткан көрүнүштө болуу. *Бактыяр күлүмсүрөп, Алтын эжеге карады. Алда эмнеге кубангансып, Сабийра күлүмсүрөп сүйлөдү* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Жадырап-жайнаган жаркын, кубанычтуу көрүнүштө болуу. *Көчөнү бүт гүл басты, Күлүмсүрөп таң атты* (Токобаев). *Гүлнур сүрөткө дайым күлүмсүрөп түшөт.*

**КҮЛҮМСҮРӨӨ** **күлүмсүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛҮМСҮРӨТ күлүмсүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЛҮМЧҮ** Көңүл айныткан бүкшүк, жылымчы сасык жыт. *Аты бардыр жылымчы, Жыты бардыр күлүмчү* («Манас»).

**КҮЛҮН ДОДО КЫЛУУ** Бир жерге турук алып, байырлап орун-очок алып туруп калуу. *«Эгер кокус жолуктуруп калсаң, үйлөн, күлүңдү бир жерге додо кыл да, теңтуш эмессиңби, ийге көндүрүп кой», – деп атасы өтүндү.*

**КҮЛҮН КӨККӨ САПЫРУУ** Таш талканын чыгаруу, кыйратуу, эч нерсесин калтырбай жок кылуу. *Тээ байыркы Хазар деңизинен тартып Кытай-Чекке чейин созулган төө түгүндөй түрктүн даңкка бөлөнгөн калааларынын күлү көккө сапырылып, эрендеринин ат бутуна тепселип, көрбөгөнү көр болгонун саймедиреди* (Көчкөнов). **В.: Күлүн асманга сапыруу.** *Басмачылардын кайсы жерлерде экенин айттырып алышып, душмандын күлүн асманга сапырышты* (Сасыкбаев). *Күлүңдү асманга сапырайынбы! Жогол экөөң тең!* (Осмоналиев). **Күлүн сапыруу.** *Күүлөнүп кызыл баатырлар, Душман- дын күлүн сапырды* (Осмонкул). *Кайраттуу күндө балдарым, Кан-кордун күлүн сапыргын* (Тоголок Молдо). – *Уктуңбу!... Күлүн сапырып таштайм!* (Касымбеков).

**КҮЛҮН ЧОГУУ ТӨГҮҮ** Ынтымакташып, биргелешип чогуу оокат кылуу, тиричилик өткөрүү, ынтымагы бузулбоо. *Алыбай уулу илгертен бери күлүн чогуу төккөн эл эмеспи* («Ала-Тоо»). **В.: Күлүн бир жерге төгүү.** *Төлөк уругу күлүн бир жерге төгүп, ынтымактуу эл болушту* («Ала-Тоо»).

**КҮЛҮҢ: күлүң-күлүң** Күлмүңдөп кубанычтуу жылмайгандай жайдары көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Гүлсүнайдын сары чийкил беттери күлүң-күлүң этет* (Сыдыкбеков).

**КҮЛҮҢ КӨЗ күлүм көз** менен бирдей. *Күлүң көз карындаштын жайдары мүнөзүнө адам эрибей коё албады* («Ала-Тоо»).

**КҮЛҮҢДӨӨ күлүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛҮҢДӨӨ** Күлүң-күлүң эткен жайдары көрүнүштө болуу. *Айсулуу күлүңдөдү сага карап* (Үмөталиев). *Кызын сүйүп энеси, Мээрим төгүп күлүңдөйт* (Токобаев).

**КҮЛҮҢДӨТ күлүңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Салык көздөрүн күлүңдөтүп, Бекенге кайрылды* (Каимов).

**КҮЛҮС** Каза болгон жаш адамды жоктоп ыйлаганда, кошок кошкондо колдонулат.

**КҮЛҮСТӨН** 1. *сейр.* Гүл өстүрүлгөн жер. *Балалуу үй – күлүстөн* (макал). 2. Шат көңүл, шартылдаган жайдары адамдардын эпитети катарында колдонулат. *Күлүстөнү Күлчоро Жетелеп жүрөт дебейби* («Сейтек»). *Күлүстөн абам барында, Күлчоро билсин дечү элем* («Сейтек»). 3. **күлүс** менен бирдей. *Күмүш айдар, чок белбоо, Күлүстөн жалгыз көзүңдү ач* («Эл адабияты»).

**КҮЛҮҮ күл V** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЛҮШ** Жаш бөбөк жаңыдан күлө баштоо, жылмайганга, күлгөнгө жарай калуу. *Асыл унчукпай калды да, алдындагы күлүшкөн баласын эркелете баштады* («Ала-Тоо»).

**КҮЛЧӨ** 1. Май кошулуп, дандырга бышырылган кичирээк тегерек нан, тегерек, майда токоч. *Күйүк көмөч, күлчө нан, Кудайы кайыр сурадым* (Токтогул). ‖ *диал.* Көмөч. 2. **күлчөтай** менен бирдей. *Эки киши чакырып, бир табак күлчө жеген менен эчтеме чыкпайт* («Ала-Тоо»). *Безе сепкен күлчөдөй, Ширин кылам каныңды* («Эл адабияты»).

**КҮЛЧӨТАЙ** Эттин сорпосуна жука жайылып, тилке-тилке кесилип бышырылган беш бармактын камыры. *Батыш жасаган күлчөтайын жыгач табакка салып алып келди* (Байтемиров).

**КҮМ-ЖАМ БОЛУУ** Ойрон болуу, кыйроо, таш-талканы чыгуу, жок болуу. *Ал жараңкадан түшүп кеткен мал түптүз барып гана арылдаган сууга тийип, күм-жам болот да калат* (Жантөшев). *Бат эле же нары, же бери күм-жам болсом деп жатпайымбы!* (Бейшеналиев). *Кылт этип буту тайыса күм-жам болуп, ар кайсы аскада бирден мүчөсү илинип калчудай жаман жай* (Байтемиров).

**КҮМ-ЖАМ КЫЛУУ** Жок кылуу, жоготуу, өлтүрүү, көзүн тазалоо. *Кайран кишини Алимжан күм-жам кылып салды* (Каимов). *Көрүнгөнүн кетирбей, Күм-жам кылып атканмын* («Эр Табылды»). *О, бу зил оорусу айыкпас, адамды күм-жам кылчу жаман дарт дешчү* (Абдукаимов).

**КҮМБӨЗ** Өлгөн адамга эстелик катарында көрүстөнгө курулган курулуш. *Кыш кайнатып бек салдым, Атакеңдин күмбөзүн* («Манас»). *Ак күмбөздүн түбүнө, Анда-санда түнөй жүр* («Мендирман»). *Күмбөздү кооз салдырып, Күзгүлөп ичин алдырып* («Эл адабияты»). *Аш менен тойдо мал толот, Мындан күмбөз курбайсың* (Калмырза).

**КҮМӨН** 1. Шектүү ишенич. *Кадиктүү күмөн болбосо, Кароолдун эмне кереги* («Эл адабияты»). *Сонундун жүрүш-турушунда күмөнүм бар.* 2. *өт.* Бойго бүткөн бала.

**КҮМӨНДӨР** Шектүү, ишенимсиз, күмөндүү.

**КҮМӨНДҮҮ күмөндөр** менен бирдей. *Күмөндүү иш. Күмөндүү ой.*

**КҮМӨНСҮ** Күмөн саноо, аныктыгына, тууралыгына же ишке ашарына ишене албоо, күмөндөр болуу. *Дагынкысы дагы бар, Күмөнсүсөң көрүп ал* («Ала-Тоо»).

**КҮМӨНСҮЗ** Күмөндүү эмес, ишенимдүү, шек саноого болбой турган, ачык-айкын. *Эч күмөнсүз, ишенимдүү. Күмөнсүз чындык.*

**КҮМӨНСҮРӨ күмөнсү** менен бирдей. *Менин да көңүлүм ушуга күмөнсүрөп, санаадар болуп калдым* («Ала-Тоо»).

**КҮМӨРӨКӨЙ** Караңгы, түнөргөн.

**КҮМПАЙКҮМ** 1. *миф. дин.* Кудай таала бүткүл ааламды жасаарда убараланып отурбастан эле «күн фаякүн!» дегенде, аалам ушу калыбында жасалып калган имиш. 2. *өт.* Эл оозунда: ташталканы чыгуу, кыйраган болуу. *Мындай коомдук түзүм күмпайкүм болушу керек, тарыхтын дөңгөлөгү токтоосуз илгерилейт, аны эч кандай бийлик тосуп калбайт. Баш көтөргөн улуттук кадрлар силердин түрмөңөрдө чирип жатат* (Саспаев).

**КҮМПҮНДӨ** Өзүнчө эле күйкөлөктөп убараланган кыймыл-аракетте болуу, өз ичинде кумпундаган, көңүлү көтөрүңкү, сүйүнүчтүү абалда болуу. *Айнагул мейман камын көрүп, күмпүңдөп жүрөт* (Сыдыкбеков).

**КҮМПҮНДӨӨ күмпүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮМҮРӨЙ** Каргыш тийген, жакшылыгы жок, ырайымсыз деген сыяктуу маанилерде колдонулат. *Жалгыз гана жолтоо – күмүрөй түндүн күндөгүдөй болбой тургандыгы* (Жантөшев).

**КҮМҮРӨЙ КЫЛУУ** Жок кылуу, ташталканын чыгаруу, күм-жам кылуу. *Күмүрөй кылам түбүңдү, бурут* («Манас»).

**КҮМҮРӨЙТ** *сейр.* Таш-талканын чыгаруу, кыйраган, ойрон болуп, жеңилген абалга келтирүү. *Күмүрөйтүп күл кылып, Күрөшту мыктап салайын* («Сейтек»).

**КҮМҮШ** 1. Жаркыраган ак түстөгү кымбат баалуу асыл металл. *Күмүштөн сомум бар эле, Күлгөнүмчө бар эле* (Жеңижок). *Алтын, күмүш эшилген, Кендериң бар, Ала-Тоо* (Бөкөнбаев). *Болушту күмүш акча сунгандары* (Үмөталиев). *Күмүш чапкан куюшкан, Жүгөн сатты кайран эл* (Шайбеков). 2. Жаркыраган, жалтырак ак түстүү, аппак. *Агарып күмүш нурдуу таң да атты* (Маликов). *Гүл токой, күмүш кайың, мырза терек, Үргүлөп салты менен турса керек* (Токомбаев). *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү* (Бөкөнбаев).

**КҮМҮШ БАЛКА** Күмүштү темирдин бетине чабуучу, жашытылган күмүштү сомдоочу жана ийүүчү аспап.

**КҮМҮШ ЖАЛАТУУ** Зергерчиликте күмүштү иштетүүнүн негизги ыкмасы.

**КҮМҮШ РУДАЛАРЫ** Курамында күмүш же анын бирикмелери бар минералдык заттардын табигый топтому. *Күмүштүн 20%га жакыны күмүш тектеринен, калганы башка тектер менен кошо алынат.*

**КҮМҮШТӨ** Күмүш менен, күмүш чаптырып же күмүштүн буусуна кармап, буюмдарды асемдеп кооздоо. *Күлө турган сөз чыкты, Күмүштөп кылган чакчаңдан* (Токтогул).

**КҮМҮШТӨЙ** Күмүш сыяктуу, аппак, жаркыраган. *Күмүштөй сакал, ширин сөз, Атаңар күтөт силерди* (Токомбаев).

**КҮМҮШТӨЛ күмүштө** этишинин туюк мамилеси. *Алымбайдын жүгөн, куюшканы да күмүштөлгөн* (Сыдыкбеков).

**КҮМҮШТӨН** Күмүштөй агарган, жаркыраган көрүнүштө болуу, күмүш өңдөнүп көрүнүү.

**КҮМҮШТӨӨ күмүштө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮМҮШТӨТ күмүштө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮМҮШТҮН КҮКҮМҮНДӨЙ ТЕРҮҮ** Өтө кылдаттык менен чогултуу, үйрөнүү, этият мамиле жасоо, аздектөө. *Те алыстан ат арытып, жер көрүп, эл таанып, асыл сөз, асем күү самап, күмүштүн күкүмүндөй бирден терип үйрөнүп жүргөнүн баян кылды* (Касымбеков).

**КҮМҮШТҮҮ** Күмүш менен кооздолгон, күмүшү бар, күмүш аралашкан же күмүш чаптырылган. *Күмүштүү куюшкан.*

**КҮН** 1. Жер жана башка планеталар тегерегинде айланып жүрүүчү, өзүнөн жарык нур, жылуулук таратып, негизги жана борбордук планета катарында эсептелүүчү асман телосу. *Жер Күндүн айланасында айланат. – Түш болуп калган экен го, – деп саанчы Калбүбү күндү карады* (Убукеев). ‖ *өт.* Күн нуру. *Канаты күнгө чагылып, Учканын кара ак куунун* (Бөкөнбаев). *Жаман эшик ансыз да күнгө какшып араң турган эле* (Сыдыкбеков). *Сугатчы салмак аттаса, ийниндеги кетмени күнгө чагылышат* (Сыдыкбеков). 2. Эртеден кечке чейинки сутканын бир бөлүгү, таң аткандан караңгы киргенге чейинки мезгил. *Мына, күн узарып, жылуулук берди* (Убукеев). *Ач карын түлкү жаткан ичтен тынып, Узун күн, үңкүрчөдө ташка бугуп* (Бөкөнбаев). *Күн кечтеп, аба салкындады* (Баялинов). 3. Сутка, 24 саатты ичине алган мезгил. *Күн артынан күн өтүп, акыры алтынчы ноябрь болду* (Убукеев). *Алты айыбыз отуздан жүз сексен күн болсун* (Убукеев). 4. Жалпы эле мезгил, кандайдыр бир окуяларды, белгилүү бир учурларды, жыл мезгилин ичине алган убакыт. *Күндөр бизден күлгүндөй кезди жулуп, калганына караткан жолдор мына* (Чотурова). *Азыркы күндө 32 миң коюбуз бар* (Убукеев). *Кийинки күндө Шабыраалы өзү да шалакы болуп кетти* (Байтемиров). *Согуштун оор күндөрүнүн бири эле* (Сасыкбаев). ‖ Белгилүү бир доор, жашоо мезгили, замана. *Кызык күнүң өткөрүп Койбогула, кыздар ай!* (Токтогул). 5. Жашоо абалы, жан сактоо, өмүр сүрүү шарты, оокаттиричилик, турмуш. *Чыгым анда толуп кетип, Элдин күнү куурулган* (Токомбаев). *Эч адамга салбасын, Элсизде көргөн күнүмдү* (Токтогул). *Балгартта калган биздин эл, Кандай күндө болду экен* («Эр Табылды»). 6. Мүчөлдүк тарых, айдын белгилүү катар саны, кандайдыр бир окуяга, салтанатты белгилөөгө арналган дата. *Аялдардын эл аралык күнү. Илим күнү. Эгемендүүлүк күнү.* 7. Жаанчачын, тумандуулук, абанын температурасы сыяктуу атмосферанын ал абалы, аба ырайы.

*Быйыл күн жаанчыл болду* (Жантөшев). *Күн бүркөк, дыбыраган жамгыр бар болсо керек эле* (Сыдыкбеков). *Бүгүн күн чайыттай ачык* (Сыдыкбеков).

**КҮН АЛЫС** Бир күнү коюп бир күнү, ортодон бир күн өткөрүп. *Күн алыс иштөө. Күн алыс барып турат. Алымкул күн алыс өңүт издейт* (Сыдыкбеков).

**КҮН БАТКАНДАЙ КЫЛУУ** *к.* **ай баткандай кылуу.**

**КҮН БАТУУ** Күндүн батыш тарапка кыйырдан ары карай кетиши. *Күндүн батышы ар бир географиялык алкакка жараша түшүндүрүлүшү мүмкүн.*

**КҮН БАТЫШ батыш** менен бирдей. *Күн батышты карасаң, Кара-Балта, Сокулук* («Манас»).

**КҮН БҮТҮҮ** *к.* **күнү бүтүү.**

**КҮН ЖОК** Жашоо, жан сактоо болбойт деген мааниде. *Жигиттер, бул көпөссүз күнүбүз жок, өлгөн бала үчүн тирүү балдардын убалына калбайлы* (Нурпеисов). – *Биерде эми мага күн жок* (Абдыраманов).

**КҮН ЖҮРҮШ ЖАК** Түштүк жак, түштүк тарап. *Күн жүрүшү тарабы* («Манас» С.О.). *Күн жүрүшү Анжыян, Шамалында ойроттор* (Молдо Кылыч).

**КҮН КАКТЫ БОЛУУ** Жайлоого, салкын жерге жиберилбей, ысыкта кыйналган абалда болуу (көбүнчө жылкыга карата). *Сенин күн какты болгон аттарың, Күндүк жерге жарабас* (Осмонкул).

**КҮН КАРАМА** 1. Сары гүлдүү, тегерек келген башы күн тарапты багыт алып туруучу, даны кабыкчанын ичинде бышып жетиле турган өсүмдүк. *Толгон айдай күн карама жылмаят, Адатынча күндү карап күндөгү* (Токомбаев). 2. Бийлиги, даражасы жогору турган же оокаттуу, бай кишинин сөзүн сүйлөп, ошонун дегени менен болуучу, кошомат кылып, ошону жактап туруучу өң карама, өз алдынчалыгы жок кошоматчы. *Кээ бир адам күн карама, эки жүздүү, Бул адам тууралыктан үмүт үздү* (Тоголок Молдо). *Үч жакка чойгон үч жааттын ортосунда аргасыз жылмаңдаган күн карамага айланып, өзүнүн амандыгын сактаган оңой, бирок...* (Касымбеков).

**КҮН КЕЧИРҮҮ** Жашоо, өмүр өткөрүү, жансактоо, бала-чакасын, үй-бүлөсүн асыроо. *Атам жарыктык, ошол жерди мекендеп, жайдыр-кыштыр эч кимге кошулбай күн кечирип, бизди асырап келген экен* (Медетов). **В.: Күн кечүү.** *Жалганчы болуп жүргүчө, Жалгыз жүрүп күн кечем* (фольк.). *Бирок бөтөн журттун колундагы аялдардын турмушу кандай болуп, күн кечери Ажарга белгисиз* (Баялинов).

**КҮН КӨРСӨТӨР** Жан сактатар, багыпкөрөр, жардам берер, көмөктөшөр, оокат-тирилик өткөртөр. – *Анда бир үйдүн эркеси да, күн көрсөтөр эр-азаматы да өзүң экенсиң* (Жантөшев).

**КҮН КӨРСӨТПӨӨ** Кордук көрсөтүү, тынчтык бербөө, өтө начар мамиле жасоо, өз жайына койбой, үстөмдүк кылып, тынчын ала берип жүдөтүү. *Бирок мунун кайын энеси башынан өч болучу. Күн көрсөтчү эмес* (Элебаев). *Ушинтип отурсаң мага күн көрсөтпөйсүң го, – деп, дагы оңураңдап шарт чыгып жөнөгөнүм эсимде* (Айтбаева). *Мурдатан орун алып калган неме күнүлүк кылып, кийинки барган мага күн көрсөтпөс* (Эшмамбетов). *Күнөөсү жок адамды, Күн көрсөтпөй айдайсың* (Токтогул).

**КҮН КӨРҮҮ** Жашоо, өмүр сүрүү, оокаттиричилик кылуу. *Сүйбөгөндөн кийин, анын үстүнө апсыйган картаң чал менен кантип күн көрүүгө болот?!* (Абдукаримов). *Орозкулдун колун карап, күн көрүп жүргөнүңдү билбейсиңби?* (Айтматов). **В.: Күн өткөрүү.** *Тополоң ошонусу менен эл кыдырып, күн өткөрөт, бала-бакырасын багат* (Осмоналиев).

**КҮН КҮРКҮРӨӨ** Атмосферада чагылганды коштоп чыккан добуш. *Үндүн булуттан чагылышынан күн күркүрөөнүн жаңырыгы бир топко созулат.*

**КҮН МУРУН** Алдын ала, мурдатан, эрте. *Жабылып жалпы журту конок алмак, Күн мурун тамак-ашын турат камдап* (Маликов). *Ата-энесинин келерин күн мурун уккан келини буту-бутуна тийбей жүгүрүп, берер тамагын даярдап күйпөлөккө түшүүдө* («Ала-Тоо»).

**КҮН САЛГЫЛЫК КЫЛБАСЫН** Көз каранды болбосун, бир ишти аткарууда бирөөнүн көзүн карабасын. *Дөдөйгө күн салгылык кылбасын* (Байтемиров). *Сага күн салгылык кылбасын. Ач адамга күн салбасын деп ыйлады* («Ала-Тоо»).

**КҮН САЛУУ** Бирөөнүн көзүн кароо, бирөөгө көз каранды кылуу, анын жардамына муктаж кылуу. *Күлүккө күн салгыча, байталга бак берсин* (макал). *Кишиге салган күн курусун, көзүн караган сайын адамды күнкор кылып жиберет* (Жантөшев). **В.: Күнү калуу.** *Баласына күнү калып отурган кемпир* («Чалкан»).

**КҮН СИСТЕМАСЫ** Күндүн жана тартылуу күчүнүн таасири менен Күндү тегеренип кыймылдаган 9 чоң планетадан (Меркурий, Чолпон, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Плутон) турган система. *Күн системасы – он миңдеген кичине планеталардан, кометалардан, метеордук бөлүкчөлөрдөн, планета аралык газдан турган асман телолорунун системасы.*

**КҮН ТИЙГЕН ЖЕРДИН КҮКҮГҮ** Кимдин иши оң болуп турса, же кимде бийлик болсо, ошого кошомат кылган, анын сөзүн сүйлөгөн өң карама, кошоматчы. *Күн тийген жердин күкүгү болуп оокат кылып, жан багуу сага окшогон адамдын колунан келет деди* («Ала-Тоо»). *...Күн тийген жердин күкүгү, көкүрөгү*

*өз чамасынан өөдө, бирөөнүн кайгысы – аларга күлкү, өзү эки буттуу түлкү* (Медетов). *Алар күн тийген жердин күкүгү, – деп Сүйүнбай эмки иштин чордонун ошолорго бурду* (Өгөбаев). **В.: Күн тийген жердин чоросу.** *Күн тийген жердин чоросу. Ким чоң болсо, ошону жандайт, ошонун сөзүн сүйлөйт* («Чалкан»). *Мындайдын келгенине кубанба, кеткенине кайгырба – мындайды ошон үчүн «Күн тийген жердин чоросу» дейт, ага теңирим көкжал бөрүнүн артынан ээрчиген жорунун, кузгундун, карганын күнүн берип койгон* (Касымбеков). **Күн тийген тоонун күкүгү.** *Күн тийген тоонун күкүгү болуп, кара жанынын камын көрүп, акыры Жылматай да кетти дүйнөдөн* (Осмоналиев). **Күн тийген жердин бүлөсү.** – *Куйругуңду кыпчып калгансың го? Күн тийген жердин бүлөсү* (Байтемиров).

**КҮН ТУТУЛУУ** Күндүн бетин Ай толук же жарым-жартылай тосуп өткөндөгү көрүнүш. *Күндүн толук тутулуусу Айдын толук көлөкөсү түшкөн жерде байкалат.*

**КҮН-ТҮН ТЕҢЕЛҮҮ** Күндүн кыймылынын натыйжасында анын борборунун эклиптика менен экватордун кесилишкен чекити аркылуу өтүү маалы (моменти). Күн-түн теңелүү болжолу 21-мартта (жазгы) жана 23- сентябрда (күзгү) болуп өтөт. *Күн-түн теңелүү мезгилинде уюл аймактарынан башка жерлерде күн менен түн бирдей узактыкта болот.*

**КҮН ЧУБАКТОО** Күнөстүү жерге, күн жакшы тийген жерге кактанып, күнгө жылынып отуруу. *Мен боорго барып күн чубактап отурайынчы* (Бейшеналиев). *Сагындар мандалак издеп кетишкенде үйдөгүлөр эшикке чыгып, күн чубакташат* (Осмоналиев). *Чокой кургаганча күн чубактап көздү жүлжүйтүп отуруп калам* (Жусупов).

**КҮН ЧЫГЫШ чыгыш** менен бирдей. *Өлкөнүн бир кенже уулу – Кыргызстан, Мактанып, күлүмсүрөп күн чыгыштан* (Осмонов). *Күн чыгыштан муздак жел сокту.* 2. *өт.* Сүйгөн, арзыган адам, сүйгөн адамды эркелетип атоонун бир түрү. *Улам карап туш тарапты элеңдеп, Айтар сөздү миң кайталап белендеп. Күн чыгышым сени күтөм зарыгып, Анык беле айткан сөзүң келем деп* (Кожомбердиев).

**КҮНГӨЙ** Тоонун күнгө караган бети, күндү караган тарабы. *Күнгөйү күнгө чагылып, Тескей жагы көлөкө* (Шүкүрбеков). *Биз күнгөй жолуна салып, көл жээктей жөнөдүк* (Абдумомунов).

**КҮНГӨЙЛӨ** Жол жүрүүдө, мал жайып чыгууда ж.б. тоонун күнгөй жагында, күнгөй жерлерде болуу, күнгөй тарапты бет ала жүрүү. *Күнгөйлөп жүрүп отуруу. Малды күнгөйлөп жаюу.*

**КҮНГӨЙЛӨТ күнгөйлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮНГӨЙЛҮҮ** Күн тийип, күнөстүү болуп турган, күнгөй жерлери көп, күнгөйү бар. *Күнгөйлүү бет. Күнгөйлүү тоолор.*

**КҮНГӨЙЧӨ** Кичирээк күнгөйлүү бет, кичирээк күнгөй жер. *Күнгөйчөлөрдүн чөптөрү кубарып турат* (Жантөшев).

**КҮНДӨ I** Күн сайын, ар күнү, ар убакта, ар дайым. *Күндө келген кул ууртайт, айда келген май ууртайт* (макал). *Күндө чыккан күлүккө, Саяпкер алган тер кызык* (Токтогул).

**КҮНДӨ II** *тар.* Колго салынуучу кишен. *Күндө салып колуна, Чынжыр менен байлаган* («Манас»).

**КҮНДӨ МАЙРАМ, КҮНДӨ ТОЙ** Шаан-шөкөт, сайран куруучулук, оюн-зооктун байма-бай болушу. *Ырас, Жолборс үчүн күндө майрам, күндө той жылына бир келип катары менен жыйырма күндөй созулар эле* (Жигитов). *Аларга күндө майрам, күндө той болуп турса, бакытка тете баалашат* (Ашымбаев).

**КҮНДӨГҮ** Күндө боло берүүчү, боло жүргөн, кадыресе, кадимки, адаттагы. *Күндөгү адатынча жонго чыгып, Карады эки жакка көз жиберип* (Шимеев). *Чолпондун күндөгүгө караганда аяк шилтеши да ыкчам болуп кетти* (Байтемиров).

**КҮНДӨГҮДӨЙ** Мурдатан бери боло жүргөндөй, мурдагыдай, демейдегидей. *Жылдызкан бүгүн күндөгүдөй башы жаздыкка тиер замат уйкуга кеткен жок* (Байтемиров).

**КҮНДӨКҮ күндөгү** менен бирдей.

**КҮНДӨЛӨ** Күндө салуу, кишен салуу. *Күндөлөп колун бекитүү.*

**КҮНДӨЛҮК** 1. Күн сайын болуучу, күнүгө боло турган, учурдагы. *Күндөлүк оокат-тиричилик. Күндөлүк кабарлар. Кийим эмес, оокат үчүн Күндөлүк тапкан тыйын жок* (Токомбаев). 2. Күн сайын же учурдагы болгон иштерди, баштан өткөндөрдү, байкоолорун, өз оюн ж.б. эскерип жазып жүрө турган дептер. *Аскар күндөлүгүн төмөнкү сөздөр менен улады* (Сыдыкбеков). 3. Үйгө берилген тапшырмалар, мугалимдин эскертүүлөрү ж.б. жазылуучу жана окуучунун алган баалары коюлуучу атайын үлгүдөгү дептер.

**КҮНДӨН КҮНГӨ** *же* **күн санап** Күн өткөн сайын, уламдан-улам, улам барган сайын. *Күндөн күнгө анын кубанычы чоң* (Жантөшев). *Өлкөм күчөп өсүп барат күн санап* (Турусбеков).

**КҮНДӨӨ** 1. Айыл башчы. 2. *туурасы:* **күндө II.** *Мааразыкты байлатып, Мойнуна күндөө саламын* («Эл адабияты»).

**КҮНДӨП-ТҮНДӨП** Күндүз да, түнкүсүн да, жарыкта да, түн катып да, тыным албай, күндүр-түндүр. *Күндөп-түндөп жол чалып, Айланып нечен тоолорду* («Мендирман»). *Күндөп-түндөп токтобой, Көчүп турган ким болот* (Тоголок Молдо).

**КҮНДӨШ** 1. Бири-бирине карата күнү аялдар, күнүлөш аял. *Эки күндөш баласы Бири-*

*бири менен өч деген* (Барпы). 2. Бири-бирине эрегишип, ичи тардык кылган, күнүлөшкөн аялдар. *Айымкандын төрөбөгөндүгү өзүнө кайгы, күндөштөрүнө кубаныч болду* (Каимов).

**КҮНДӨШТҮК күнүлүк** менен бирдей. *Күндөштүктөн кеп айтпайм, Күйгөндүктөн деги айтпайм* («Саринжи-Бөкөй»).

**КҮНДӨШТҮН КҮЛҮ ЖОО** Алар эч качан бири-бирине ак санабайт, алар өмүр бою бирине бири ич тардык кылат (көбүнчө байбиче менен токолдун мамилесине карата). *«Мен энемдей болгон байбичелердин үстүнө түшпөймүн! Күндөштүн күлү жоо. Менин өз сарайым, өз кемегем болуш керек», – деп атайлап менсинди* (Көчкөнов). **В.: Күнүнүн күлү жоо.** *О койчу, күнүнүн күлү жоо деген ошол.* **Күнүлөштүн күнү жоо.** *Күнүлөштүн күнү жоо экендигинин чындыгына ынандым.*

**КҮНДҮЗ** Таң аткандан күн батканга чейинки убакыт, күндүн жарыгы кете элек мезгил. *Чүйдүн күндүзү ысык, түнү салкын* (Абдумомунов). *Кыялданып түш көрүп үкү байкуш, Бадалдарда олтурат күндүз уктап* (Токомбаев).

**КҮНДҮЗГҮ** Күн жарыктагы, сутканын күндүз убагындагы. *Күндүзгү саат эки чамалары болду* (Жантөшев). *Күндүзгү кызмат учуру болчу.*

**КҮНДҮЗГҮДӨЙ** Күндүзгү мезгилдегидей, жапжарык. *Күндүзгүдөй түнүндө, Күйүп турган шамы бар* (Токтогул).

**КҮНДҮЗГҮСҮН** Таң аткандан күн батканга чейинки маалда, күндүзгү жарыкта, күндүзү. *Күндүзгүсүн талаада, Отун терип өткөргөн* (Барпы).

**КҮНДҮЗКҮ** *туурасы:* **күндүзгү.**

**КҮНДҮЗҮ** Күндүзгү маалда, таң аткандан күн батканга чейинки мезгилде, күндүзгүсүн. *Күндүзү бүркөк, түнү ачык, Сыдырым шамал көп болот* (Тоголок Молдо)

**КҮНДҮЗҮН** Күндүзү, күндүзгү мезгилде, күндүзгүсүн. *Күндүзүн да, түнкүсүн да тыным албай жол жүрүү.*

**КҮНДҮК** 1. Иштөө, акы төлөө чеги, өлчөмү бир күнгө эсептелген, бир күндүн эсеби менен болуучу күндүк акы. *Күндүк чен.* 2. Бир күндүн ичинде өндүрүлүүчү, бир күн чегиндеги убакытка эсептелген. *Күндүк май иштеп чыгаруу мерчеми бир центнер,– деди Ийгилик* (Убукеев).

**КҮНДҮК ЖЕР** Бир күндө басып өтө турган жолдун чени. *Күндүк жерге үгүлүп* («Манас» С.О.).

**КҮНДҮКЧҮ** *эск.* Күндөлүк иштеген ишине карай акы алып, убактылуу жалданып иштөөчү.

**КҮНДҮН КӨЗҮ КӨРҮНБӨӨ** Аба ырайы бүркөк болуп, күндү булут тосуп, күңүрт тартып туруу, күн чыкпоо. *Кайсы убак болуп калды? Күндүн көзү көрүнбөйт! Мынча эмне кечикти* (Осмоналиев).

**КҮНДҮН КӨЗҮ ЧАЧЫРАГАНДА** Күн жаңыдан чыкканда, күн тие баштаганда. *Күндүн көзү чачыраганда аттандык. Күндүн көзү чачыраганда бээлерди желеге имерип, кулундарды Чагыр өзү байлады* (Осмоналиев). **В.: Күндүн нуру чачыраганда.** *Күрүчбек күндүн нуру чачыраганда жан берди* («Ала-Тоо»). **Күндүн мурду чачыраганда.** *Колу-буту чырмалып, оозу таңылган Оросул эртең менен күндүн мурду чачыраганда табылды* (Осмоналиев).

**КҮНДҮН МУРДУ ЧЫККАНДА** Күн чыгып келе жаткан учурда, күн жаңыдан көрүнгөндө.

**КҮНДҮР-ТҮНДҮР** Күндүз да, түнкүсүн да, сутканын кайсы мезгили экендигине карабастан, дайыма, тынымсыз. *Күндүр-түндүр мал артынан сенделди* (Бөкөнбаев).

**КҮНЕС** *туурасы:* **күнөс.**

**КҮНЖАРА** Май чыга турган техникалык өсүмдүктөрдүн уруктарынан майын ажыратып алгандан кийинки калдыгы, тобу. *Пахтанын буласы – кийим, чигити – май, чөбөгөсү күнжара болот* (Убукеев).

**КҮНЖҮТ** Май чыгаруучу өсүмдүктүн бир түрү.

**КҮНКОР** Бирөөнүн көзүн караган абал, көз каранды. *Кишиге салган күн курусун, көзүн караган сайын адамды күнкор кылып жиберет экен* (Жантөшев).

**КҮНӨ** *туурасы:* **күнөө.**

**КҮНӨЙ** *диал.* Күнөө. *Кол тапшырам деп келдим, Чачымдан көп күнөйүм* (Токтогул).

**КҮНӨКӨР күнөөкөр** менен бирдей. *Кантсеңер эрк силерде, күнөкөрмүн, Кечсең да, кечпесең да кайгырбаймын* (Токомбаев).

**КҮНӨМ** Шек, кадык. *Кыз энесинен сууган жок. Ал жагынан Зейнеп апа да күнөм санаган жок* (Айтматов). *Ырдатпай койду Током деп, Калбасын менде күнөмүң* (Токтогул).

**КҮНӨМДӨР күмөндөр** менен бирдей. *Күнүмдүккө кордук иш, Күнөмдөр кайта жетерим* (Токтогул).

**КҮНӨМДҮҮ күмөндүү** менен бирдей. *Келе жаткан жагы жана айткан сөздөрү күнөмдүү болгондуктан, бир календерди кармап келдик* (Жантөшев).

**КҮНӨМСҮЗ күмөнсүз** менен бирдей. *Сага күнөмсүз ишенем.*

**КҮНӨӨ** Коомдук тартипти, жүрүш-туруш нормаларын бузуудан, кандайдыр бир жаңылыштык кетирүүдөн келип чыккан айып, жалпы эле жазыктуу, айыптуу мамиле, кимдир бирөөнүн кылмыштуу аракети. *Күнөөсү жок, соту жок, Айдап кеткен болучу* (Токтогул). *Жашырып койсо жараткан, Жаш жандын кылган күнөөсүн* (Токомбаев). *Байкуш Бакыда күнөө бар беле? Каяша айтам деп балаага калбадыбы* (Байтемиров).

**КҮНӨӨЙҮ** Жазык, кылмыш, айып. *Мен да сендей кан элем, Күнөөйүм качан кечилет* (Токтогул).

**КҮНӨӨКӨР** 1. Күнөөсү бар, жазыгы бар, кетирген жаңылыштыгы үчүн жооптуу, айыптуу. *Адам баласын айбанга теңеген киши күнөөкөр* (Сыдыкбеков). *Эрке кыз күнөөкөр сыяктуу табышын акырын чыгарды* (Байтемиров). 2. Мыйзамга, үрп-адат эрежелерине ылайык айыпталуучу адам, сот жообуна тартылган кылмышкер. *Доочу менен күнөөкөрдүн сөзүн уккандан кийин бий чекир көзүн жуумп, бир аз ойлонуп отурду* (Каимов). *Күкүгү элем көп элдин, Күнөөкөр болуп сенделдим* (Токтогул).

**КҮНӨӨКӨРЛӨН күнөөкөрлө** этишинин өздүк мамилеси. *Күнөөкөрлөнүп ылдый карады* (Сыдыкбеков).

**КҮНӨӨКӨРЛӨӨ** Күнөө коюу, күнөөлүү деп эсептөө, күнөөлөө. *Күнөөкөрлөп айыптоо.*

**КҮНӨӨКӨРЛҮК** Күнөөсү бар экендик, айыптуулук, күнөөкөрдүн абалы.

**КҮНӨӨКӨРСҮН** Кандайдыр бир жаңылыштыкка күнөөлүү сыяктуу сезүү, өзүн күнөөкөр деп эсептөө. *Абышкалар бирин-бири күнөөкөрсүнүп карашат* («Ала-Тоо»).

**КҮНӨӨКӨРЧҮЛҮК күнөөкөрлүк** менен бирдей.

**КҮНӨӨЛӨ** Күнөө коюу, айыптоо, күнөөлүү деп эсептөө. *Жакындагы жоболоңдуу окуя үчүн Салык Мамбеткулду күнөөлөйт* (Каимов). *Бурулча Алтындын адамгерчилигин мактаган менен, каттабай койгондугу үчүн күнөөлөдү* (Байтемиров).

**КҮНӨӨЛӨН күнөөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮНӨӨЛӨӨ күнөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮНӨӨЛҮҮ** Күнөөсү бар, жүрүм-туруму же кандайдыр бир айыптуу иши боюнча уятка калгыдай, күнөөкөр болгудай жаңылыштыгы бар, айыптуу, кылмыштуу. *Карабек, сенин мага акырая карай турган жөнүң бар, баарына өзүм күнөөлүүмүн* (Каимов). *Күнөөлүү – деп, баарына, Статья арналган* (Казыбек). *Булар күнөөлүү эмес, баарын баштаган менмин,– деп чынымды айттым* (Токомбаев). *Негедир күнөөлүүдөй жалтаңдайт* (Усубалиев).

**КҮНӨӨСҮЗ** Күнөөсү жок, жазыксыз, күнөөлүү эмес. *Күнөөсүз ошол ырчыны, Күн тийбес жерге айдаган* (Бөкөнбаев). *Күнөөсүз болсо, бул бечараны кыйнабай бошотуп жиберсе боло* («Ала-Тоо»).

**КҮНӨӨСҮЗДҮК** Күнөөсү жоктук.

**КҮНӨС күңгөй** менен бирдей. *Асылкандын казан-аяктары кагырап, күнөстө жатат* (Элебаев). *Жер-суу көбөөрүп, ойдуңкүнөстөрдө көк жыбырап калды* (Сыдыкбеков).

**КҮНӨСТӨ** Күн нуруна кактануу, күн чубактаган, күн нуруна бөлөнгөн абалда болуу. *Тамдын төбөсүндө күнөстөп жаткан тооктор туш-тушка качты* (Сыдыкбеков). *Турсунаалы менен Кабыл сарайдын түбүндө күнөстөп отурушту* (Элебаев).

**КҮНӨСТӨӨ күнөстө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮНӨСТӨТ күнөстө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮНӨСТҮҮ** Күн тийип турган, жаркырап жайнап, күнү ачык болуп турган учурлары көп, күн жакшы тийген. *Эмчегине ууз жыйнап, Күнөстүү жерге мал барат* (Токобаев). *Кийгизмек элең кызыңа Күнөстүү Оштун жибегин* (Үмөталиев). *Күнөстүү жаркыраган Түштүк мына* (Үмөталиев).

**КҮНСҮ** Күнгө көбүрөөк туруп калуу, күндө калып, сапаты, даамы жагынан бир аз өзгөргөн, начарлаган абалда болуу. *Күнсүп бузулуп калган айран.*

**КҮНҮ** 1. *этн.* Эки же андан көп аялдуу кишинин аялдарынын бири-бирине карата болгон абалы. *Абысын – аңдышкан жоо, күнү – күйүшкөн жоо* (макал). *Токолго күнү байбичелердин чачтары тиктүйө, беттери сустая калат* (Сыдыкбеков). 2. *этн.* Биринчи аялынын үстүнө алган экинчи аялы же биринчи аялынын үстүнө андан кийинки алган аялдары. *Күнү үстүндө кор болдуң, Күлгүн жашың тең жүрбөй* (Тоголок Молдо). 3. Бири-бирине же башка бирөөгө карата ич тардык кылган, кызганчаактык мамиледе болгон аял.

**КҮНҮ БҮГҮН** Азыр да, ушул убакка чейин, эмдигиче. *Күнү бүгүн да эсимде.* **В.: Күнү бүгүнкүгө чейин.** *Зулумдардын таягынын зааары күнү бүгүнкүгө чейин сөөк-саагымды сыздатып жүрөт* (Абдукаримов).

**КҮНҮ БҮГҮНКҮДӨЙ** Ошол эле бойдон, эч өзгөрбөгөн, мурдагы калыбында. *Уялаары күнү бүгүнкүдөй* (Жантөшев). *Бала кезде береги жылдыздарды күнү бүгүнкүдөй нечен жолу тиктедик* (Жусупов).

**КҮНҮ БҮТҮҮ** 1. Өлө турган мезгили жетүү, өлүү. *Ажал жетип күн бүтсө, Аруу жууп көөмп кой* («Манас»). *Кичинекей кызы күнү бүткөн тоокту там башынан ыргытып ийиптир* (Жигитов). *– Чык эшикке, айбан! Күнүң бүттү сенин! – деп май көчүккө керилип туруп тепти эле, Орозкул төрт аяктап томпоңдоп барып, анан теңселе туруп эшикке чыкты* (Айтматов). 2. Бийлиги, мансабы колдон кетүү, мурдагыдай болбой калуу. *Анын күнү бүттү, мурдагы келкели жок деди* («Ала-Тоо»). **В.: Күнү бүтүп, суусу ичилүү.** *Күнүң бүтүп, сууң ичилди го шордуум* (Жоошбаев). **Күнү бүтүп, суусу түгөнүү.** *Анын күнү бүтүп, суусу түгөнгөн экен.* **Күнү түгөнүү.** *Күнүң түгөн- гөндө, айлаң кеткенде бул жайга келет экенсиң* (Сыдыкова).

**КҮНҮ КАЛУУ** *к.* **күн салуу.**

**КҮНҮ КАРАН БОЛУУ** Кыйынчылыкка, оор абалга дуушар болуу, чоң кайгыга, бактысыздыкка, кырсыкка учуроо. *Эгер бул агабыз болбогондо күнүбүз каран болот эле* (Жантөшев). *Ылайым күнү каран болуп, темселеп калсын* (Абдукаимов). *Жерге кирсин, күнү ка-*

*ран Бир басынса ургаачы, Кайда Батам балдар менен, Көөнүм чаппайт көчүүгө* («Ала-Тоо»).

**КҮНҮ КЕЧҮҮ** Жашоосу, оокат-тиричилиги эптеп өтүү. *Алганыңды буйрө кармасаң, сенин да күнүң кечпейби, элчилеп* (Жусупов).

**КҮНҮ ӨТПӨӨ** Жашоо-тиричилиги, турмушу кыйындоо, иши жүрбөө. – *Бек тургула, биз болбосок булардын күнү өтпөйт, – дейт өнөктөрүнө* (Ашымбаев).

**КҮНҮ ТҮГӨНҮҮ** *к.* **күнү бүтүү.**

**КҮНҮ ТУУ** Бардыгы оюндагысындай, дегениндей, өзү каалагандай болуу, арааны жүрүп туруу. *Эркектер дөбөдө кымыз ичишип, калжаң сөздүн күнү туул турган кезде, ачык туруп күн күркүрөдү* (Осмоналиев). – *Ай, Кудай-менде! Күнүм тууса көрөрмүн. Унутпа ушунуңду, деди да, Элеман кете берди* (Нурпеисов). *Күнүм туудy, өкмөткө мен курман, Менде жоктун баарын берди өзүмө* (Токомбаев). *Малчылардын күнү туул, эмгек акылары мол болгон кез* («Ала-Тоо»). *Кошоматчылардын, башкармага жагынуучулардын күнү туудy.*

**КҮНҮ-ТҮНҮ күндүр-түндүр** менен бирдей. *Күнү-түнү жол жүрүп, Жеттим кыргыз четине* (Токтогул). *Күн-түнү тынбай урушуп, Төштүк салды чоң жаңжал* («Эр Төштүк»). *Уулуке качан келет деп, Сени күнү-түнү күтүп жүрчү элем* («Сейтек»).

**КҮНҮ ТҮШҮҮ** Бирөөгө көз каранды болуу, бирөөнүн көзүн кароо. – *Ушу силерге кайсы элдин, кайсы жердин күнү түшүп калды экен, өңкөй каракчы?!* (Касымбеков). *Тышка чыгып бирөөгө күндөрү түшүп көрбөгөн немелер, кайсы үйдү көздөй басаарын билишпейт* (Осмоналиев). *Акбубу тышкы алгы-берги жумуштар боюнча кимдир бирөөгө күнү түшүп калса, анда бир-эки сөз менен гана пикир алышат* (Өгөбаев).

**КҮНҮГӨ** Күн сайын, ар күнү, дайыма. *Аз өмүрдүн ичинде Амандашкын күнүгө* (Токтогул). *Бир айткан окуясын күнүгө кайталайт* (Жантөшев).

**КҮНҮЛӨ** 1. Күнүлөш аялдар бири-бирине карата эрегишкен, атаандашкан, кылык жоругун, жүрүм-турумун жактырбаган мамиледе болуу, күндөштүк кылуу. 2. Башка бирөөнү көрө албоо, атаандашып, ич тардык кылуу, аны жактырбагандыгын, каршы экендигин көрсөтүү. *Жан чыдап кантип жатасың, Душманың турса күнүлөп* (Элебаев). *Жаман тууган көрө албайт, Жакшылык консо күнүлөп* (Осмонкул).

**КҮНҮЛӨӨ күнүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮНҮЛӨШ I** Бири-бирине күнүлүк мамиледе болгондор. *Күнүлөш аялдар. Күнүлөшү менен сүйлөшүү.*

**КҮНҮЛӨШ II** 1. Бирине бири күнүлүк мамиле кылуу, бири-бирине карата кызганчаактыгын, ичи тардыгын көрсөткөн күнүлөштүк мамиледе болуу. 2. *өт.* Бири-бирине атаандашып эрегишкен, көрө албай ичи тардык кылган мамиле жасоо. *Күнүлөшүп Канчоро, Кекенип калды таарынып* («Семетей»).

**КҮНҮЛӨШТҮК күнүлүк** менен бирдей.

**КҮНҮЛӨШҮҮ күнүлөш II** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮНҮЛҮК** 1. Күнүлөш аялдардын бири-бирине карата болгон абалы жана ошондой абалдагы мамилеси. *Күнүлүктө жүрүп күн көрүү. Күнүлөш аялдардын күнүлүгүнөн чыккан чыр-чатак.* 2. Бири-бирине атаандашып эрегишүүчүлүк, бирин-бири көрө албаган ичи тардык. *Билер-билбес экөөндө, Күнүлүгү бар экен* («Эр Төштүк»).

**КҮНҮМДҮК** 1. Бир күндүн ичинде иштелген иштин өлчөмүндөгү, чегиндеги, бир күндүк. *Иштеген иштин күнүмдүк акысын актап алуу.* 2. Түбөлүк эмес, күндөлүк, учурдагы, убактылуу. *Күчүң барда иштеп көн, Кулуп жайнап, эр жигит, Күнүмдүктү ойлобой, Кулак байлап, жер жибит* (Токтогул).

**КҮНҮН КӨРҮҮ** Кандайдыр бир нерсенин (дүнүйөнүн, турмуштун балдарынын ж.б.) убай-урматын, жыргалын, пайдасын көрүү. *Көкөтөйдүн көп дүйнө, Калмактар күнүн көрөт бейм* («Манас»). *Күмүштү тапкан сен болдуң, Күнүн көрдү алты арам* («Манас»). *Багыңды коргоп жоо сайган Балдарыңдын күнүн көр* (Үмөталиев). *Бөкөн, Чаян өлгөндөн кийин Жакып Алтай тоосун таянып, өзүнчө күнүн көрүп турду* («Манас»). *Күнүңдү көрөр кезимде, Күйүттү мага салганың* («Эр Табылды»).

**КҮНҮН** Ошол эле күнү, бир күндүн ичинде. *Күнүн барып, күнүн кайтуу.*

**КҮНҮНКҮ** Бир күндүн ичиндеги, бир күнкү, бир күндүк, күндөлүк. *Күнүнкү тапканын күндө жок кылуу.*

**КҮНҮНӨ** Күн сайын, күнүгө, бир күндүн ичинде. *Күнүнө төрт-беш сааттан сабак өтүлөт.*

**КҮНҮЧҮ күнүчүл** менен бирдей.

**КҮНҮЧҮЛ** 1. Күнүлөшүнө карата жаман мамиле кылган, ага күн көрсөтпөй куурата берген, башка аялдарга карата күнүлөштүк, ичи тардык мамиледе болгон. *Күнүчүл аял.* 2. Бирөөгө эрегишүүнү, атаандашып күнүлөгөндү жакшы көргөн, бирөөнүн ийгилигин, жакшы жактарын көрө албаган кызганчаак. *Мухаббат койнун ачканда, Күнүчүл жүрөк түйүлады* (Токомбаев).

**КҮНҮЧҮЛДҮК күнүчүлүк** менен бирдей.

**КҮНҮЧҮЛҮК** 1. Күнү аялдардын бири-бирине карата болгон күнүлүк мамилеси, күнүлөштүк. 2. Ичи тардык, бири-бирине эрегишкендик, кызганчаактык, атаандаштык. *Ак бетке тамылжыган каны жүрүп, Жүрөккө келе калды күнүчүлүк* (Токомбаев).

**КҮНЧҮЙҮМ** Кандын, падышанын кызы.

*Бул канзуулук күнчүйүмгө куп гана жарашып калды* (Субанбеков).

**КҮНЧҮЛҮК** Бир күндүк, бир күндүн ичинде басып өтүүчү (жолго, жол жүрүү аралыгынын болжолдуу ченемине карата). *Кулуктөн өнөр чыгабы, Күнчүлүк жерге чаппаса* (Бөкөнбаев).

**КҮҢ** 1. Кул аял. *Калмактан келген бир күң – деп* («Манас» С.О.). *Быйты күңдүн тилин ал, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Күң атым кунга келген сөзгө жеңил* (Турусбеков). 2. Бирөөгө толук көз каранды, ар кандай кара жумуштарды иштеп, кожоюндун эзүүсүндө болуп, анын каалаганындай үй кызматтарын аткарган укуксуз аял. *Башын байлап коюп, күң урунуп жатууну билбейсиңби, эси жок* (Турусбеков).

**КҮҢ ЖИЛИК** Далы менен кар жиликтин ортосундагы кыска жилик.

**КҮҢ ТАМАК** 1. Тамакка кароо, тамагын жашырып ичкен киши. 2. Элге аралашпаган, түнт. *Үнүнө караганда туулгандан бери үйүнөн биринчи жолу чыккан үй күчүк, күң тамак неме окшойт* (Жусубалиев).

**КҮҢГӨЙ** *туурасы:* **күнгөй.** *Күңгөйгө айлым жайлаган, Күкүгү муңдуу сайраган* (Казыбек).

**КҮҢГҮР-КҮҢГҮР** Күңгүрөгөн дабышты билдирүүдө колдонулат. *Күңгүр-күңгүр барабан урулду.*

**КҮҢГҮРЛӨ** Күңгүр-күңгүр эткен дабыш чыгуу, күңгүрөө. *Добул согуп күңгүрлөп, Тоо көчкөндөй дүңгүрөп* («Манас»).

**КҮҢГҮРӨ** 1. Күңгүр-күңгүр этүү, күңгүрлөө. *Тоо көчүп, жер жарылып дүңгүрөдү, Жаңырып алда кайда күңгүрөдү* (Үмөталиев). 2. Өзүнчө күңгүрөнүп сүйлөй берүү, күңкүлдөгөн күңүрт үн чыгаруу. *Ойлойт, басат, бирдеме айтып күңгүрөйт* (Осмонов).

**КҮҢГҮРӨН күңгүрө** этишинин өздүк мамилеси. *Кулустөн туулган Кулчоро Күңгүрөнүп куулөнду, Эр Сейтекке сүйлөнду* («Сейтек»).

**КҮҢГҮРӨТ күңгүрө** этишинин аркылуу мамилеси. *Адат болуп калган куусун күңгүрөтүп жиберди* (Токомбаев).

**КҮҢДҮК** Күңдүн абалы, күң абалында болгондук. *Күңдүк менен күн көргөн, Бир кара кемпир көрүнду* («Сейтек»). *Уч айдын ичинде ыктыярың менен барбасаң, түбөлүк күңдүктө кармаймын* (Токомбаев).

**КҮҢК: күңк этүү** *к.* **күңк-мыңк этүү.**

**КҮҢК-МЫҢК ЭТҮҮ** Оюн ачык, так айталбай, бүдөмүктөтүп бир нерсени ичинен күңгүрөгөн болуу. *Угузбаса да ич ара күңк-мыңк эткендер бар эле* (Ашымбаев). *Дагы эмне деп жасакерленип, кууланаар экен деген пикирде Аскар мунусун кооптуу кабылдады да, күңк-мыңк этти* (Жантөшев). *Адамбек эсепти билем же билбейм деп ачык айта албай, күңк-мыңк этип, кысылгансып калды* (Баялинов). **В.: Күңк этүү.** – *Мындайда унчукпаган озот, – деп күңк этти* (Нурпеисов). *Ормокеев ачуусун ичине батыра албай күңк этти* («Ала-Тоо»). – *Элден ажырап кайда жая бакканы жүрөт?– деп Татыбек күңк этти* (Байтемиров). *Жаш келин эмнегедир кызара түшүп, жер карап күңк этти* (Сыдыкбеков).

**КҮҢКОР** *туурасы:* **күнкор.**

**КҮҢКҮ I күңкүл** менен бирдей. *Калппы, чынбы ким билсин, Күңкү ушак деп угам* («Мендирман»).

**КҮҢКҮ II** Буруксуп жыттануу, бураган жыт чыгаруу. *Шекер сөздүү, нур көздүү, Жыпар күңкүп, жаз бурап* («Манас»).

**КҮҢКҮЛ** Эмне экени ачык, даана болбогон, мааниси түшүнүксүз болгон тунгуюк кептер, ачыкка чыкпастан, астыртан тымызын айтылып жүргөн имиш-имиш, күбүр-шыбыр, тууралыгы текшерилбеген, аныкталбаган сөз. *Бир кезде кулагыма кейиген, мени каргап жемелеген абышкамдын күңкүлү угулду* (Сыдыкбеков). *Ар ким өз ара угузбай күңкүл айтышпаса, Серкебайдын бул жоругун жактырбай, ага ашык айткан жан болгон жок* (Сыдыкбеков).

**КҮҢКҮЛ-МЫҢКЫЛ** Ачык айтылбаган күбүр-шыбыр, имиш-имиш, күңк-мыңк айтылган сөз, күңкүл. *Айыл арасында күңкүл-мыңкыл сөздөр көбөйүп, анын бир учу районго жетти* (Байтемиров).

**КҮҢКҮЛДӨ** Мааниси ачык, түшүнүктүү болбогон кеп салуу, сөздү таасын, угуза айтпай, өзүнчө бирдемелерди кобураган болуу. *Ары карап күңкүлдөйт, Ичи өрттөнүп чок болуп* («Сейтек»). *Татыбектин бир сөзү угулса, бири угулбай күңкүлдөп, отура-тура калып, кыжырлана берди* (Байтемиров).

**КҮҢКҮЛДӨӨ күңкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҢКҮҮ** Ушак сөз.

**КҮҢҮРТ** 1. Өңү-түсү жагынан анчалык даана, айкын эмес, көрүнүшү, тунуктугу, ачык-жарыктыгы жагынан тунарыңкы, түнөрүңкү. *Күңүрт жашыл. Боёгу күңүрт. О Асман мунарыктап, күндүн көзү күңүрт* (Сасыкбаев). *Кара чырак булбулдөп, күңүрт гана жарык түшүрүп турат* (Абдукаримов). *Тоо башын туман чалган, айлана күңүрт* (Абдумомунов). 2. Үнү, дабышы, угулушу, сүйлөгөнү ж.б. жагынан анчалык даана эмес, басыңкы. *Токтогул күңүрт кыска жооп кайтарды* (Токомбаев). *Арыктан шылдырап аккан суунун күңүрт үнү угулат* (Абдукаримов). *Унчукпай качан болсо жүрө турган, Кээде шат, кээде күңүрт күлө турган* (Үмөталиев). *Күңүрт суроолор менен таңдын атышын күттү* (Токомбаев).

**КҮҢҮРТТӨ** Күңүрт көрүнүштө болуу, тунарыңкы же түнөрүңкү тартуу, күңүрт көрүнүү. *От бирде жалп этип өчүп, үйдүн ичи күңүрттөй түшөт* (Элебаев).

**КҮҢҮРТТӨН күңүрттө** этишинин өздүк мамилеси. *Айлана күңүрттөнүп калган* (Бейшеналиев).

**КҮҢҮРТТӨӨ күңүрттө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҢҮРТТӨТ күңүрттө** этишинин аркылуу мамилеси. *Бала бакчадагылар үй ичин күңүрттөтүп коюшкан* (Убукеев).

**КҮҢҮРТТҮК** Күнүрт болуп турган абал. *Бактыяр күңүрттүктү жарык кылып, текчеде турган шамдарды күйгүздү.*

**КҮҢҮРТТҮҮ** Ачык эмес, даана эмес, бүдөмүктүү, күнүрт же басыңкы. *Терезе жакты карап улам-улам, Күңүрттүү үнүм менен обон салам* (Шимеев).

**КҮҢҮТАЙ** Сулуу, келбеттүү, келбети келишкен. *Курбудагы куу казык, Кулжанын эти жол азык. Курдашын таап ойногон, Күңүтай кызда не жазык* (Эл ырлары).

**КҮҢЧҮЛҮК** Күңдүн ал-абалы, күңдүк. *Күңчүлүктө күн көрүү. Күңчүлүктүн азабын тартуу.*

**КҮП I** 1. Цилиндр формасындагы май бышып алуучу узунча, ичкерээк келген жыгач челек. *Жакындаган сайын паровоздун жарыктары өйдөлөй соймоңдоп, жарыктын тилкесинде нар тозоңу көзгө көрүнө уюлгуп, шарактаган доош күчөп, күбүн бышкан бишкектей поршендери кирип-чыгып, жер силкинип турду* (Айтматов). 2. Кымыз ачытуу же бозо салуу үчүн да колдонулуучу малдын терисинен жасалган идиш. *Уу төгүптүр күбүңө, Ушу турган Канчоро, Балам жеткен экен түбүңө* («Семетей»). *Күптөй болгон чоң экен* («Семетей» С.К.). *Дагы да Тасма менен Түбүн айтар, Ачыткан кымыз, бозо күбүн айтар* («Жазгыч акындар»).

**КҮП II: ак күп** Балапандардын денесиндеги үрпөйүп калың чыккан жаңы назик түк. *Бөбөктөрүм ак күбү чыга элек балапандардай кызыл эт* (Сыдыкбеков).

**КҮП III: күп-күп** 1. Оор нерсенин кулап түшкөнүн, жыгылганын же катуу урулганын ж.б. билдирүүчү дүп эткен катуу дабышты билдирүүдө колдонулат. *Күп-күп кетмендер урулду* (Сыдыкбеков). *Машаа кошкон көп мылтык, От койгондо күп этти* («Семетей»). 2. Бирөөнүн баркылдай сүйлөп күрсүлдөгөнүн, күпүлдөгөнүн билдирүүдө колдонулат. *Күп-күп этип күүлөнүп, Күрсүлдөдү Көкөтөй* («Эр Төштүк»). *Чоң койчу даражалуу кишилерге күп-күп эте сүйлөдү* (Жантөшев).

**КҮП IV** Күндүз деген сөзгө кошулуп, ага күчөтүү, тактоо маанисин берет. *Дем алып көлөкөлөр бир жыгач жок, Күпкүндүз туш тараптан улуйт бөрү* (Үмөталиев).

**КҮПКӨ I** 1. Күн тийбес кылып, жасалгаланып даярдалган атайын жай, сере. 2. Жаш төлдү (көбүнчө козу, улакты) убактылуу кармоо үчүн атайын жасалган жылуу жай (жер кепе, кээде чымдан ж.б. жасалып, чөп, саман төшөлүп, капталдары, үстү жылууланып курулат). Канаттуулар, айрыкча жаш балапан үчүн да өзүнчө ылайык күпкө даярдалат. *Бермет күпкөдөн эгиз козуну көтөрүп чыкты* («Ала-Тоо»). *Тиги кыштан тургузулган күпкөнүн, биринчи эшигин ачты эле, ак ала, сары ала болуп тооктор жайнады* («Ала-Тоо»). 3. *өт.* Күпкөлөп багуу, ардактап, кастарлап, дайым кам көрүп, бапестеп багуу, кароо. *Күпкөгө бакан солтонум* («Манас» С.О.).

**КҮПКӨ II күпка** менен бирдей.

**КҮПКӨ III** *аңч.* 1. Тайган жатуучу жай. 2. Куштардын, бүркүттүн туурунда конуп отуруучу жайы. 3. Саятчы куш күйгөндө ичине жашынып жатуучу жай.

**КҮПКӨЛӨ күпкала** менен бирдей.

**КҮПӨ** *туурасы:* **күпү.**

**КҮПӨ-КҮПӨ (күпө-күп)** Кайра-кайра күпкүп этип чыккан дабышты же бирөөнүн күпүлдөй сүйлөгөнүн билдирүүдө колдонулат. *Күпө-күпө түтүн бүркүп, Паровоздор бакырды* (Бөкөнбаев). *Күпө-күпө сөз сүйлөйт, Көк жолборстой чамынып* («Манас»).

**КҮПСӨЙ** Чоң, дардайган, күпүйгөн көрүнүштө болуу, күпшүйүү. *Төраганын күпсөйгөн оор денеси шалдайып, отургучтан түшүп, жерге жыгылып бараткансыды* («Ала-Тоо»).

**КҮПСӨР** 1. Мылтыктын дарысын салууга ылайыктап, териден жасалган идиш, баштык. *Түтүндөн киши көрүнбөй, Күпсөрдөн дары төгүлбөй* («Эл адабияты»). *Күпсөргө дары кыйганым, Күйүкпөй баскан буудаңым* (Тоголок Молдо). *Сайдактай огум түгөндү, Күпсөрдө дарым күбүлдү* («Семетей»). *Мурат күпсөрүн ачты* (Даникеев). 2. *диал.* Ичине жел толтуруп алып, суудан өтүүдө колдонулуучу чылгый чанач. 3. Күпүйгөн, күпсөйгөн, күпсүйгөн, күпсөрдөй.

**КҮПСӨРДӨЙ** Күпүйгөн, күпсөйгөн чоң күрсүйгөн семиз, дардайган толук. *Күпсөрдөй болгон немени, Көмө коюп өттү эле* («Манас»).

**КҮПТҮ** 1. Жеген тамагын сиңире албай калган абал. *Энеси тамакты көп ичип алып күптү болгон экен* («Ден соолук»). 2. Ичтеги бук, ыза, кайгы-капа ичке толгон, ич күптү болгон абал. *Күйөө кылсам төрөнү, Күптүнү жазар шер экен* («Манас»). *Кокустан калса жыйналып, Күптүсү кетер көңүлдүн* (Маликов).

**КҮПТҮСҮ ЖАЗЫЛУУ** Кеги, кекенгени тарап, өчү канып жеңилдей түшүү, мүдөөсүнө жетүү. *Күнүсү өлүп, күптүсү жазылды* (фольк.).

**КҮПТҮҮ** *туурасы:* **күптү.**

**КҮПҮ** 1. Тайлактын көрпөлүү терисинен жасалган кыска тон, кемсел. 2. Жаанын огу өтпөгөндөй кылып, олпок сыяктантып жасалган жоо кийими. *Деп ошентип эр Кыяз, Ок өтпөгөн көк күпү, Этеги жайык бек күпү, Чүрөккө чечип берди эле* («Сейтек»). 3. *эск.* Ичине жүн толтуруп жасалган жаздык. *Күрсө-күрсө жөтөлүп, Күпүдөн башты көтөрүп* («Манас»).

**КҮПҮЙ** Калың кийим кийинип, долдойгон көрүнүштө же күпшүйгөн зор, бараандуу

кебетеде болуу. *Ал купуйуп кийинип алган неме сени тоотобу?* («Ала-Тоо»). *Эр ортону таяп калган Кыдырбай купуйуп зор* (Сыдыкбеков). *Мергенчилер айылга кайтканда түлкү, карышкыр терилери канжыгада булактап, кишилер купуйуп кайтышат* (Сыдыкбеков).

**КҮПҮЙТ күпүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Эптеп жеткен кемпир баркыт чапанын күпүйтүп, Акия менен Зарылдын ортосуна араң батышты* (Сыдыкбеков).

**КҮПҮЛДӨ** 1. Күп-күп эткен, күрпүлдөгөн, күрсүлдөгөн дабыш чыгаруу. *Күпүлдөп күчтүү паровоз, Жел менен зуулдап жарышкан* (Нуркамал). *Күпүлдөйт, көбүктөнөт азоо Терек* (Шимеев). 2. Күп-күп эте бакылдап сүйлөө, опурулуп бек-бек үн чыгаруу. *Кааласам сени жерге кагып жиберем,– деп күпүлдөдү башкарма* (Байтемиров). *Жедигердин* эр *Кыяз Күпүлдөдү сүйлөнүп* («Сейтек»).

**КҮПҮЛДӨӨ күпүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮПҮЛДӨТ күпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Саба күпүлдөтө бышылды* (Бектенов).

**КҮПҮҢДӨ** Өзүнчө эле күйпөлөктөп убараланган, күйпүңдөгөн аракетте болуу. *Талгат кесиндилердин кээсин альбомуна чаптап, күпүңдөп эле жатат* («Ала-Тоо»).

**КҮПҮҢДӨӨ күпүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮПҮР** Ачыкка чыкпаган күбүр-шыбыр, астыртан айтылган күңкүл сөз. *Күпүр сөз. Ушак күпүр.*

**КҮПҮР СӨЗ күпүрчү сөз** менен бирдей. *Алакачма күпүр сөз, Арылгандай сезилет* («Эл адабияты»).

**КҮПҮРТКҮ күпүр** менен бирдей.

**КҮПҮРЧҮ СӨЗ** Ушактаган сөздөр, жаман аттуу кыла турган ыпылас сөздөр. *Бой тартып калган кыздар эркек аттуудан алыс жүрбөсө, бүтпөй турган күпүрчү сөздөрдөн кутулушу кыйын болуп калат* (Убукеев).

**КҮПЧӨК** 1. Дөңгөлөктүн сырткы алкагы менен таяктарын бириктирип турууучу, орто жери көзөнөк жана жоонураак келген бөлүгү, тегирмендин барасынын ушул сыяктуу ортоңку бөлүгү. *Муруттарын караса, Тегирмендин күпчөккө, Текши койгон барадай* («Манас»). 2. Териден ышталып, бөйрөктүү челек формасында, ар түрдүү чондукта жасалган, туткасы бар идиш. *Күпчөккө салган бозо бар* («Семетей» С.К.). *Керегенин башына, Киши башы бир күпчөк, Куйдуруп илип коюптур* («Мендирман»). *Күпчөккө салган бозо бар, Иче көрбө, жалгызым* («Манас»). 3. Шишиктин же кандайдыр бир башка нерсенин чыңалып, көөп кеткен абалы. *Буту күпчөк болуп шишип кетүү.*

**КҮПЧӨКТӨЙ** Абдан толуп, көөп чыккандай семиз же чыңалып, шишип кеткендей жоон. *Күпчөктөй кара киши.*

**КҮПШҮЙ** Калың кийинип күпүйгөн же кийими көлкөйгөн кенен кебетеде, бараандуу зор көрүнүштө болуу. *Күпшүйгөн тондун ичинде тердеп абышкалар ашыга басат* (Сыдыкбеков). *Кадырлуу Кошой абабыз, Күпшүйүп жөө калбайбы* («Манас»).

**КҮПШҮЙТ күпшүй** этишинин аркылуу мамилеси. *Күзөтчү тонунун сыртынан күпшүйтө курчанып алыптыр* (Сасыкбаев).

**КҮР I** 1. Күч алып, семирип, толуп турган абал, абдан кубаттанып, күчтөнүп турган учур. *Токобек күр болгон короздой мойнун керип, карт кекирди* (Абдукаримов). 2. Абдан семирген, мыкты (жерге карата). *Кетмен-Төбө, Суусамыр өңдүү күр жайлоолор турганда кыргыздардын какыр чөл менен иши болбогон* (Сасыкбаев). *Жаныбарым кең Талас Жердин күрү турбайбы* («Сейтек»). 3. Күрдөөлдүү, абдан кызыган, күч алган. *Бир аздан күн кылайса шоола чачып, Эзелден күр эмгекке эшик ачып* (Турусбеков). *Кунаным жүрөт күр болуп* («Манас» С.О.). *Суусу тунук, чөбү күр* («Манас» С.О.). 4. *өт.* Чоң, күчтүү. *Күр дөбөттү жөнөттү* («Манас» С.О.).

**КҮР II** Моторду от алдырганда же ири жырткыч айбандар күркүрөп ырылдаганда ж.б. учурларда чыккан кубаттуу дабышты, үндү билдирүүдө колдонулат. *Комбайндар оркестрдей күү чалып, Күр-күр этип, эгин чабат ашыгып* (Осмонкул).

**КҮРГҮЧТӨ** 1. Чогуу, жапырт киришкен, жабыла сүрүп кууунтуктаган же чогуусу менен топуратып айдаган, кубалап дүрбөткөн абалда болуу. *Элдин күчү калмакты, Күргүчтөп койгон окшоду* («Мендирман»). *Сатылган калыңды күргүчтөп бир жолдо айдап келер* (Сыдыкбеков). 2. Оргуштап, буркан-шаркан түшүп аккан абалда болуу. *Күргүчтөп аккан суунун үстүндө жоондугу билектей келген жалгыз жыгач турат* («Чалкан»).

**КҮРГҮЧТӨЛ күргүчтө** этишинин туюк мамилеси. *Алар күргүчтөлүп узун эшелон вагонго салынды* (Сасыкбаев).

**КҮРГҮЧТӨН күргүчтө** этишинин өздүк мамилеси. *Күргүчтөнүп аккан суу.*

**КҮРГҮЧТӨӨ күргүчтө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРГҮЧТӨТ күргүчтө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРГҮШТӨ** *туурасы:* **күргүчтө.**

**КҮРДӨЛДҮҮ** *туурасы:* **күрдөөлдүү.**

**КҮРДӨЛҮҮ** *туурасы:* **күрдөөлдүү.**

**КҮРДӨӨЛ** Кандайдыр бир иштеги, маселедеги ж.б. олуттуулук, маанилүүлүк, күч кубаттуулук. *Тыштагы эркектердин дабышы дагы күрдөөл тарта баштады* (Жантөшев). *Ой басканда кулагына угулуп, Берди кубат, жыйды күчтүн күрдөөлүн* (Турусбеков).

**КҮРДӨӨЛДҮҮ** 1. Күчтүү, түптүү, күч-ку-

баттуу. *Даңктана бер жеңишчил, күрдөөлдүү калк* (Сыдыкбеков). *Күрдөөлдүү элдин малдары, Көз жетпес мейкин жайлоодо* (Маликов). *Күлүктү бердим минсин деп, Күрдөөлдүү жоого беттешсе, Күймөнбөстөн кирсин деп* («Эр Табылды»). 2. Олуттуу, негиздүү, чыныгы, зор маанилүү. *Күрдөөлдүү беш жылдыктын сапарына, Сен менен кол кармашып бирге барам* (Осмонов). *Күрдөөлдүү күрөш күнүндө, Күчтүүсү болсун тилектин* (Маликов). *Кечээ күрдөөлдүү иштесеңер, жигиттер, бүгүн доорон сүргүлө* (Сыдыкбеков).

**КҮРДӨӨЛСҮЗ** Олуттуу эмес, анчалык мааниси жок, күч-кубатсыз. *Күзүндө күлүк минбеген, Күрдөөлсүз мурап мен бекен?* (Осмонов).

**КҮРДӨӨЛҮ** *туурасы:* **күрдөөлүү.**

**КҮРДӨӨЛҮ МЕНЕН** Толук, жапырт, бүт бойдон. *Күдүргө жылкы түк койбой, Күрдөөлү менен айдадым* («Эр Табылды»).

**КҮРДӨӨЛҮҮ** 1. Жалпы, бүт. *Күрдөөлүү кыргыз, көп аргын, Күлкүнү качан ачабыз* («Сейтек»). *Күрдөөлүү сарттар элимден, Күкүк болуп туулдум* (Токтогул). 2. Нукура күч-кубаттуу, чыныгы. *Күрдөөлүү башым барында, Күлүгүм кантип берейин* («Манас»). *Күрдөөлүү күчүм барында, Өгөөнү кантип берейин* («Эр Төштүк»). *Күрдөөлүү абаң чоронун, Күчүн сынап турду эле* («Сейтек»). *Бул күрдөөлүү баатыр Күлчоро, Күтүп алчу эр экен* («Сейтек»). 3. Кыйын, татаал. *Күрдөөлүү кайкаң Беш-Мойнок, Адыр-күдүр алты кыр, Аябастан чалды эле* («Сейтек»).

**КҮРЖҮЙ** Тулку бою чоң, москоол, келип булчуңдуу, күрсүйгөн толук көрүнүштө болуу. *Сатар эби-сынсыз булчуюп, ошонусуна мактангандай ого бетер күржүйөт* (Бейшеналиев). *Мыктынын шилиси күржүйүп, булчуңдары буруят* (Касымбеков).

**КҮРЖҮҢ-КҮРЖҮҢ** Күржүйгөн көрүнүштөгү кыймыл-аракетти, күржүңдөгөн көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Шакем күржүң-күржүң этип, каздын буртасын так окопто олтурганда жесин* (Сыдыкбеков).

**КҮРЖҮҢДӨ** Күржүйүп олбурлуу көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, күржүң-күржүң этүү. *Күржүңдөй басып кеткени* («Манас»).

**КҮРЖҮҢДӨТ күржүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРЗҮ** *тар.* Урушта, чабышта колдонулуучу, баш жагы жоон келген, металлдан уютулуп жасалган жоо куралы, чокмор. *Казандай күрзү көтөргөн, Төрт жүз балбан дагы бар* («Манас»). *Белинде күрзү казандай, Бет алган жоодон жазганбай* («Манас»).

**КҮРКӨ** 1. Кепе алачык, кепе үй. *Караңгы быкшыган тамдарды, күркөлөрдү бузуп, көк тиреген бийик үйлөр салабыз* (Элебаев). 2. Жаш төлдү, бакма канаттууларды кийирип коюу үчүн ылайыкталып жасалган кепече. *Ал күркөдөн күркөгө кирип, тооктун кыгын жыйып жүрдү* («Ала-Тоо»).

**КҮРКҮЛДӨ** Күү-күү эткендей дабыш чыгаруу. *Алда кандай алагүүлөр күркүлдөйт* (Жантөшев).

**КҮРКҮЛДӨӨ күркүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРКҮРӨ** 1. Күрүлдөгөн, күүлдөп жаңырыктаган дабыш чыгаруу, күр-күр этүү. *Күн катуу күркүрөп келип, чагылган чагылды* (Жантөшев). *Күркүрөп мотор айланды, Тетигин Сырга басканда* (Бөкөнбаев). *Сансыз суулар капчыгайдан жолугушат күркүрөп* (Токомбаев). 2. Катуу чамынган күүлдөгөн же каарданган абалда болуу. *Күркүрөп Жолой жеткени, Күрпөңдөшө кеткени* («Эр Төштүк»). *Каарына алып чоң Көкдөө, Кайратты күркүрөп* («Эр Төштүк»). *Күркүрөп жоого тийүүгө, Көк тулпарым аларсың* (Маликов). 3. Дүркүрөп өсүп-өнүгүү, абдан жетилүү, болуп турган мыкты абалга келүү. *Күркүрөгөн кайран журт Таласты ээлеп жатпайбы* («Сейтек»). *Күркүрөп, күчөп турса биздин чарба, Көрөбүз конбос экен ким жанаша* (Маликов). *Бул күркүрөгөн күздүн аякташы* (Сыдыкбеков).

**КҮРКҮРӨК** Күрүлдөгөн, күркүрөгөн дабыш. *Күркүрөгү, шаркырагы жок тынч жер.*

**КҮРКҮРӨӨ I күркүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРКҮРӨӨ II** Жаш бозого арак, боёгу аз шарап кошулуп даярдалган ичимдик.

**КҮРКҮРӨТ күркүрө** этишинин аркылуу мамилеси. *Күркүрөтүп моторун, Көк булутту жиреймин* (Үсөнбаев).

**КҮРМӨ I** 1. Жеңи жок кыска бешмант. *Кара күрмө жеңи жок, Калдайы бар, беги жок* («Манас»). *Кызылын кийбей күрмөнүн, Кызыгын көрбөй дүйнөнүн* (Казыбек). 2. Костюмшымдын күрмөсү, шырымал, фуфайка сыяктуу жеңил сырт кийимдердин жалпы аты. *Мамбеткул күрмөсүнүн чөнтөгүнөн чакчасын алып, Мамбетке сунду* (Каимов). *Башында тумак жеңенин, Пахталуу күрмө кийгени* (Маликов).

**КҮРМӨ II** 1. Чечилип кетпегендей кылып, илмектеп чалып байлоо. *Акман чылбырын талдын бутагына күрмөп жаткан эле* (Сыдыкбеков). 2. Оозуна салган нерсени жутуунун аракетин кылып, тиштери, тили менен ала салдыра козгоо. *Токтогул кар сугунду да, тез-тез күрмөп жутуп жиберди* (Токомбаев). *Нанды аймап-күрмөп жутуп жиберди* (Убукеев).

**КҮРМӨК** Шалынын арасына чыгуучу майда дандуу отоо чөп жана анын күрүчкө аралашып кетип, күрүчтүн тазалыгына жолтоо болуучу даны. *Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет* (макал). *Түгөл күрүчтү сууга салып, күрмөгүнөн ажыратып тазалай баштады* (Бейшеналиев).

**КҮРМӨЛ күрмө II** этишинин туюк мамилеси. *Асан оозундагы чайнаган нанын жутпай күрмөлдү. Андан аркысын айта албай жигиттин тили күрмөлдү* (Каимов).

**КҮРМӨӨ күрмө II** этишинин кыймыл атоочу. *Кыска жип күрмөөгө келбейт* (макал).

**КҮРМӨТ күрмө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРМӨЧӨ** Кичирээк күрмө, күрмө сыяктанып тигилген сырт кийим.

**КҮРӨ** Күрөк менен сузуп шилөө, тазалоо же башка жерге алып таштоо үчүн күрөктү колдонуп иштөө (мис. карды, топуракты ж.б.). *Акбар ата эшик алдын күрөдү* (Убукеев). *Шахтерлор уранды көмүрдү жан талашып күрөп жатышты* (Сасыкбаев).

**КҮРӨК** Жерди казуу же бир нерсени шилөө үчүн колдонулуучу, жалпак, жазы учу бар узун саптуу эмгек куралы. *Темир күрөк. Жыгач күрөк. Кол күрөк.*

**КҮРӨКТӨ** Күрөк менен казуу, күрөк менен шилөө, күрөк менен иштөө. *Жигиттер балчыктуу кара топуракты күрөктөп ыргытып турганын көрөсүң* («САЖИ»). *Карды күрөктөп тазалап жүрдүк* (Айтматов).

**КҮРӨКТӨӨ күрөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРӨКТӨТ күрөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРӨКТӨШ күрөктө** этишинин кош мамилеси.

**КҮРӨНДҮ** Күрөлүп топтолгон, үйүлгөн нерсе (кар, акыр-чикир ж.б.). *Чыбыктар кышында күрөндүнүн алдына көмүлгөн* (Бейшеналиев).

**КҮРӨҢ** Кофенин өңүнө окшогон, ко-нурга жакын түс. *Чоң эненин үстүндө уулу алып келип берген күрөң жибек көйнөгү* (Сыдыкбеков). *Көсөл күрөң үйдү бадага кошту* (Каимов).

**КҮРӨӨ I** Карыз алынган же бериле турган акча үчүн убактылуу буюм коюу, салым. *Күрөөгө коюу.*

**КҮРӨӨ II: кыш-күрөө** Кышкы суuktap, жалпы эле кыш мезгили.

**КҮРӨӨ III күрө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРӨӨ IV** Калмактын кечилдери жашаган үй. *Кара зубун калмактын, Күрөөсүн бузуп эл чаптым* («Эл адабияты»).

**КҮРӨӨ ТАМЫР** Жүрөктү көздөй кан жиберип турчу чоң тамыр. *Чекесинен буу чыгып, күрөө тамыры кызарып, толкундап кетти* (Сыдыкбеков).

**КҮРӨӨКӨ** Ок өтпөс тон, кымбат кездемеден коошдолуп тигилген сырт кийим, тон. *Күлүгүн кармап мингизип, Күрөөкөсүн кийгизип* («Эл адабияты»). *Кийген тону Манастын Алтын жака күрөөкө* («Манас»). *Жолдошуң сайын бир-бирден Күрөөкө соот жабайын!* («Манас»).

**КҮРӨТ күрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРӨШ I** 1. Эки киши кармашып, бирин-бири жыгууга кылган аракет. *Эркин күрөш. Классикалык күрөш.* 2. Салгылаш, беттешкен кармаш. *Уланы кетти кыргыздын Улуу майдан күрөшкө!* (Осмонкул). 3. Кандайдыр бир максатты, ишти аткаруу үчүн болгон кызуу аракет, кыймыл. *Жаз жарыш, күз күрөш* (макал).

**КҮРӨШ III күрө** этишинин кош мамилеси.

**КҮРӨШТҮР күрөш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРӨШҮҮ күрөш** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРӨШЧӨӨК** Күрөшкөндү жакшы көрүүчү, көп күрөшүүчү. *Жалгыз аттуу – жарышчаак, жаман тондуу – күрөшчөөк* (макал).

**КҮРӨШЧҮ** 1. Күч сынашып бирөө менен күрөшкө түшкөн, күрөшкө түшүүчү балбан. 2. Бир максатка жетүү үчүн болгон кыймылга, күрөшкө катышуучу.

**КҮРП** 1. Эти үчүн багылуучу ири үй кушу. *Ахмет чал Мапияттын күрптөн коркконун карап отуруп күлдү* (Сасыкбаев). 2. Үй канаттууларынын жумуртка басып жата турган убагы, абалы. 3. Тоок сымалдуулар түркүмүнүн кыргоолдор тукумундагы куш.

**КҮРП-КҮРП** Суюк нерсенин урунушунан же аны бышып, чайкаганда чыгуучу дабыш. *Күрп-күрп бышкан сайын, кымыз күчүнө киргендей болот.*

**КҮРПӨҢ** Туут маалына жетпей, кышында туулуп, эрте чоңоюп калган козу. *Күрпөң болсоң соёмун, Куйругуңа тоёмун* (Калмырза). *Козубуз чоңоюп күрпөң болду.*

**КҮРПӨҢ-КҮРПӨҢ** Көбүнчө толук, семиз малдын чуркагандагы кыймылын элестетүүчү сөз. *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул).

**КҮРПӨҢДӨ** Күрпөң-күрпөң этүү, толук, семиз нерсенин кыймылы сыяктуу кыймылдоо, аракет кылуу.

**КҮРПӨҢДӨӨ күрпөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРПӨҢДӨШ** Кармашуу, алышуу, күч сынашуу. *Күрөшө чыккан жоо болсо, Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн* («Эр Төштүк»). *Күркүрөп Жолой жеткенде, Күрпөңдөшө кеткенде* («Эр Төштүк»).

**КҮРПҮЛДӨ** 1. Күрп-күрп эткен дабыш чыгаруу, буркулдап, уруна күрүлдөп агуу. *Күмүш ооз-көөкөрдөн Күрпүлдөп кымыз куюлуп* («САЖИ»). *Кече күнкү күрпүлдөгөн долу Чүй, Эпке келип, бүгүн бизге багынды* (Турусбеков). 2. Бак-бак этип күпүлдөп сүйлөө, бакылдоо. *Күрпүлдөп жоон кебиң бар, Күрөшө турган эбиң бар* (Каралаев).

**КҮРПҮЛДӨӨ күрпүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРС** Оор нерсе жерге түшкөндө, жөтөлгөндө ж.б. учурларда кескин чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Күрс-күрс лом согулуп, таш оодарылып турду* (Сыдыкбеков). *Күрс-күрс эткен оор жөтөл үн чыгат* (Осмонов).

**КҮРС ЭТҮҮ** Ачуусу келгендей корс эткен орой үн чыгаруу. *Акылы тайкы куу чоголол, Кара мүртөз күрс этер* (Жантөшев).

**КҮРСҮ I** *туурасы:* **күрзү.** *Он эки карыш казандай Оң колунда күрсүсү* («Манас» С.О.).

**КҮРСҮ II** 1. *дин.* Кудайдын тактысы. 2. Такты, так. *Бакай аюу талпак салынган күрсүнүн үстүнө отурат* (Бөкөнбаев).

**КҮРСҮЙ** Өтө жоон, семиз болуп же чоң болуп көрүнүү. *Анын Татыбектин күрсүйгөн чоң түлкү кыймылдап да койбойт* (Байтемиров). *Аюу жүрөт бышты өгүздөй күрсүйүп* (Осмонкул).

**КҮРСҮЙҮҮ күрсүй** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРСҮЛДӨ** 1. Күрс-күрс эткен дабыш чыгаруу, күрс-күрс этүү, дүңкүлдөө. *Абдыракмандын ыкшыма жөтөлү кармап узакка күрсүлдөп төшөккө кулады* («Ала-Тоо»). *Ит күрсүлдөп үргөн бойдон үйдү айлана берди* (Токомбаев). *Замбиректер күрсүлдөп, миномёттор ызылдайт* (Жантөшев). *Күрсүлдөп жерлер казылды* («Эр Төштүк»). 2. Корс, орой сүйлөө; күпүлдөп бак-бак сүйлөө. *Одоно сүйлөп күрсүлдөп, Орой болбо жашыңда* (Калык). *Чогулуш болсо кол серпип, Күрсүлдөдүң активим* (Үмөталиев). 3. Кайраттуу, катуу кыймылдоо. *Ар кимге парс тирүүлүктө кызмат кылыш, Күрсүлдөп кээде иштегениң да дурус* (Шүкүрбеков).

**КҮРСҮЛДӨК** Күрсүлдөгөн, корсулдап, күпүлдөп жүргөн. *Айдаган колдун ичинде, Жоон өпкө күрсүлдөк. Бөрк ал десе, баш кескен Жан кечкиси дагы бар* («Сейтек»).

**КҮРСҮЛДӨӨ күрсүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРСҮЛДӨТ күрсүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРСҮН** Капа болуп терең үшкүрүү, көп катуу эмес дабыш чыгарып үшкүрүнүү. *Машинада термелип бара жаткан инженер Лизааттуу кызын эсине түшүрүп, терең күрсүндү* (Сасыкбаев). *Чал ысык чайды удаа-удаа ичкенден кийин гана «өх» деп оор күрсүнүп, сакалын сылап койду* (Каимов). *Кимдир бирөө үшкүрүк аралаш оор күрсүндү* (Сыдыкбеков).

**КҮРСҮНТ күрсүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРСҮНҮҮ күрсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРТ-КҮРТ** Катуу нерселердин тийишкенинен же күрсүлдөп жөтөлгөндөн чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Калый көмүрдү күрт-күрт сузуп тачкаларга жүктөөдө* (Сасыкбаев). *Тору кашка ооздугун күрт-күрт чайнап таскактап жөнөдү* («Ала-Тоо»).

**КҮРТКҮ** Кардын шиленген жыйындысы, жыйылып калган кар. *Аттар омуроосуна чейин күрткү карга тыгыла түшөт* (Каралаев). *Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов).

**КҮРТҮК күрткү** менен бирдей.

**КҮРТҮЛДӨ** Күрт-күрт эткен дабыш чыгуу. *Ирeңсиз, көз көрүнбөйт, шишик баскан, Калганы күртүлдөгөн жөтөл менен* (Токомбаев).

**КҮРТҮЛДӨТ күртүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРҮ: күрү-күү түшүү** Чуру-чуу түшүү, чуулдоо, чакчелекей түшүү. *Жүздөй жан күрү-күү түшүп, калың арчаны көздөй качып калышты* (Жантөшев).

**КҮРҮЛДӨ** 1. Күр-күр эткен дабыш чыгаруу, күрпүлдөө. *Трактор көгүлтүр түтүн чыгарып, алп мотору тынбай күрүлдөйт* (Сыдыкбеков). *Айланада көрүнгөн тоо, күрүлдөгөн суу билинбейт* (Жантөшев). 2. Күркүрөгөн жоон дабыш чыгаруу. *Ач арстандай күрүлдөп, Айбатынан ошонун, Адамдын бою дүркүрөп* («Эр Төштүк»). *Күрүлдөгөн коңур үнүн эркин чыгарып сүйлөп жаткан толмоч кызыл жигит – зоотехник Базарбек* (Каимов).

**КҮРҮЛДӨӨ күрүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮРҮЛДӨТ күрүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮРҮЧ** 1. Шалы. *Таруу, күрүч, пахталар, Таңкы желге теңселип* (Нуркамал). 2. Шалынын даны. *Отун, суу, май күрүч, сабиз – бардыгы мында даяр турат* (Токомбаев). 3. Палоо, шалынын данынан жасалган тамак. *Бакытбек күрүчтү чоң сугунуп алган эле, ошондуктан ал сүйлөөгө бүйдоо кылды* (Турусбеков).

**КҮСӨ** Көксөө, эңсөө, каалоо. *Күсөгөн эрик таңы аткан тура, Көйкөлүп жарык нурун чачкан тура* (Турусбеков). *Душмандын кан күсөгөн тилсиз огу аны аямак беле* (Сыдыкбеков).

**КҮСӨӨ күсө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮСӨР** Күнөөкөр. *Көңүлүң менде, жериң тар, Күсөр кылып жүрөсүң* («Эл адабияты»).

**КҮСПАНТ** Кой, соолук. *Күспанттан канча салалык* («Манас»).

**КҮСПУРУШ** 1. Жеңелик кылуучу эркек. 2. *өт.* Ыпылас, бети жок, шерменде. *Эртеби-кечпи бул күспуруш менен бир кездешем деп ыңгайлуу учурду күтүп жүрө берди. Ушул күспуруш элди ойлойт дейсиңби? Мансабын ойлойт* (Сактанов).

**КҮТ** 1. Келет деп же кандайдыр бир аракет, окуя, жооп, уруксат ж.б. болот деп токтой туруу, күтө туруу, аярдап тура туруу. *Жылдызкан тигилердин турушун чыдамсыздык менен күттү* (Байтемиров). *Ракыя энеси менен атасынын берер жообун күттү* (Байтемиров). 2. Болот деген ишенич-те, ойдо, үмүттө болуу. *Ой, энеке, сенден күчтүү жан барбы, Кандай күч бар сенден жардам күтпөгөн* (Токомбаев). *Чегиртке бүгүн Акмандын оозунан мындай жоопту угамын деп күткөн эмес* (Сыдыкбеков). 3. Тосуп алуу, каршы алуу, барктап сый көрсөтүү.

*Кадырлап жакшы күтпөсө, Каргадай болгон жалгыздын, Канын суудай чачамын* («Эр Табылды»). *Конок күтүп, кубанабыз той берип* (Нуркамал). 4. Өзүндө бар же өз карамагындагы малдын, нерсенин ж.б. камын көрүү, багып-кароо, кармай билүү. *Чарбанын күчү болобу, Жемдеп, чөптөп күтпөсө* (Осмонкул). 5. Ээ болуу, кармоо, сактоо, бар болуу. *Ак ниеттүү жылкычы, эмгегинен мал күткөн* (Акаев). *Короо, үй күтүп не керек, Курбуң басып кирбесе* (Осмонкул). *Батыш кээде кара таштай мелтиреп мүнөз күткөн кыз* (Сыдыкбеков). *Шаанилүү сөөлөт күткөн эркин элим, Кубанып, жаңы жылың куттуктаймын* (Бөкөнбаев).

**КҮТПӨГӨН ЖЕРДЕН** Ойлобогон жерден, байкоосуздан, кокусунан. *Мен үчүн күтпөгөн жерден бактынын кени чыккандай болду* (Токомбаев). *Күтпөгөн жерден жолугуп, Чочуп кетти Каныш да* (Жантөшев).

**КҮТТҮР күт** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮТҮЛ күт** этишинин туюк мамилеси.

**КҮТҮМ** Кам, камкордук; кароо, багуу.

**КҮТҮМДҮҮ** Жакшы кам көрүүчү, жакшы күтүүчү. *Күтүмдүү киши.*

**КҮТҮН** 1. Күтүп алуу үчүн даяр туруу, камдануу, даярдануу, камылга көрүү. *Алыстан келер коноктун, Кабарын укпай күтүнбө* (Токтогул). *Кандай ишке бет алса, Камынып мурда күтүнгөн* (Үсөнбаев). 2. Кармоо. *Зарыл менен Бурма үй ичин таза күтүнүшөт* (Сыдыкбеков).

**КҮТҮНҮҮ күтүн** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮТҮР** Темир, таш, сөөк сыяктуу катуу нерселерге тийгендегидей чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Кээде күтүрөп таш оодарылат* (Сыдыкбеков).

**КҮТҮРӨ** 1. Күтүр-күтүр эткен дабыш чыгуу. 2. Топуроо, дүрбөлөңдөп, үстү-үстүнө кошулуп жапырт жүрүү. *Күн батарда күтүрөп, Бада келчү жер ушул* (Турусбеков). *Көкбөрү келди жол менен, Күтүрөгөн кол менен* («Манас»).

**КҮТҮРӨТ күтүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮТҮҮ күт** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮТҮШ күт** этишинин кош мамилеси.

**КҮҮ I** 1. Комузда чертилүүчү же башка музыкалык аспаптарда аткарылуучу музыкалык чыгарма, обон. *Окуучулар комуз менен кеңири белгилүү болгон күүлөрдү чертип беришти* («Ала-Тоо»). *Кыякчыбыз Бондарев сонун күүлөрдү тартат* (Сасыкбаев). 2. Бир нерсенин эпкини, илеби. *Канатынын күүсүнөн Элемандын сырттаны, Учуп кете таштады* («Эр Төштүк»). *Бекжан балканы күү менен урат* (Абдукаримов). 3. Бир нерсенин шары, кызуусу. *Үйдө жокмун, багбандарга барамын, Гүлдөрүнөн күүнү жутам шарабын* (Кулумбаев). *Жолдоштордун күүсү менен унутуп Жүрүптүрмүн, мына быйыл эстедим* (Турусбеков). 4. Күч, ал, кайрат. *Бекем эмдиге күүдөн кала элек деп таңыркаша турган болду* («САЖИ»).

**КҮҮ II** Бир нерсе урагандан же адамдар чогуу дуулдагандан ж.б. дуу этип чыккан дабыш. *Кен бат эле күү этип жарылып, кулак тунуп, көмүр тозоңу сапырылды* (Сасыкбаев). *Үй ичи күү-күү болуп, баш-аламан сөздөр айтылат* (Байтемиров).

**КҮҮГҮМ** 1. Күн баткандан кийинки, түн киргенге чейинки караңгы түшө баштаган мезгил, каш карайып, көз байланып калган кез. *Күн тегиз батып, күүгүм кирди* (Байтемиров). *Асман киргилт түскө келип, бара-бара күүгүм кирди* (Абдукаримов). 2. Болор-болбос гана жарык, ачык эмес, даана эмес, күңүрт. *Столдогу шамдан түшкөн кубатсыз шооладан үй ичи күүгүм тартып турду* (Ала-Тоо»). *Күүгүм түсү күн тутулткан шайыдай, Кээ учур бар капыс жерден кабылчу* (Келдибекова).

**КҮҮГҮМ ТАЛАШ** Анча карангы боло элек, иңир кирип келаткан кез. *Чуу күүгүм талаштагы токой арасынын тынчтыгын бузду* (Жантөшев). **В.: Күүгүм бараң.** *Нурбай таң сүрө жөнөйт да, кайра күүгүм бараңда араң келет* (Баялинов).

**КҮҮГҮМДӨ** Күүгүм тартуу, ачык, даана көрүнбөө, күңүрттөнүү, күңүрттөнүп, караң-гыланып көрүнүү. *Күн көрүнбөй күүгүмдөп, Ат көрүнбөй булбулдөп* («Семетей»). *Көзү көрбөй күүгүмдөп, Көшүгөндөй үргүлөп* («Манас»). *Тамдын боорундагы текчедеги анча-мынча идиш-аяк күүгүмдөп көрүнөт* (Байтемиров).

**КҮҮГҮМДӨН күүгүмдө** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮҮГҮМДӨӨ күүгүмдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҮГҮМДӨТ күүгүмдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮҮДҮРӨК** Шакардуулар тукумундагы тикендүү өсүмдүк, төө тикен. *Жаш падачы күүдүрөк теңденип алып, малдын артында* (Сасыкбаев).

**КҮҮКАРА** Музыкалык аспап. *Күүкара деген эмеси, Күүгө толгон денеси.*

**КҮҮЛДӨ** 1. Күү-күү эткен, дуу-дуу эткен дабыш чыгаруу, күрүлдөө. *Көрүк күүлдөп ышкырып, очоктогу көмүрдү үйлөп, кыпындарын абага учурууда* (Бейшеналиев). *Көп узабай чоң карагай күүлдөп барып, бардык салмагы менен жерге согулду* (Жантөшев). *Эл ичи күүлдөй түштү* (Байтемиров). 2. Ачык, шат мүнөздө болуу; дуулдаган кубанычтуу, көңүлдүү абалда болуу. *Баягы киши бапырактап өзүнчө күүлдөп сүйлөп, карс-карс күлүп койду* (Таштемиров). *Дойбу ойноп күүлдөп отурушкан уландардын эң жашы – Шыгай* (Сасыкбаев).

**КҮҮЛДӨӨ күүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҮЛДӨТ күүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮҮЛӨ** 1. Күүгө келтирүү, белгилүү бир күүнү чертүү үчүн ылайыктоо. *Карамолдо комузун колуна алып күүлөгөндө эле тымтырстык өкүм сүрдү* («САЖИ»). *Сүйлөтүп комуз, күүлөгөн, Туйгун Током аманбы?* (Тоголок Молдо). 2. Сермөө (мис. канатты), ары-бери кыймылдатуу, кыймылга, аракетке келтирүү; шилтөө. *Канатын күүлөп жаңыдан, Талпынып учкан кекилик* (Токтогул). *Чаргын ого бетер шаңдана түшүп, кетменди күүлөп-күүлөп согот* (Сыдыкбеков). *Орусбек канат сермегенсип эки колун эки жакка күүлөп койду* (Сыдыкбеков). 3. Кучөтүү, алга сүрөө, дем берүү, шыкак берүү. *Өчкөн отум үйлөп кет, Төштүк, Кор болгон жаным күүлөп кет, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Жылкыга балаң барганда, Күүлөп койсо жылкычы, Жылма кырып салбасын!* («Сейтек»). 4. Кээ бир жаныбарлардын ургаачылары тукумдашууну самоо, эркегин эңсөө. *Тоодогу эчки күүлөгөндө теке жүгүрүп келет* (макал).

**КҮҮЛӨН** 1. Катуу күүгө, кыймылга келүү, инерция боюнча кетүү, жөнөө. *Токтогул жакындаганда жорулардын кай бирлери ылдый карай күүлөнө чуркашып, асманга көтөрүлүшту* (Токомбаев). *Күүлөнүп калган тулпарга Канаттуу жетпейт сабалап* (Токомбаев). 2. Күч алуу, күчөө, күчкө келүү, алга умтулуу. *Күчкө келдик, күүлөндүк, Күчөп толкуп ирлендик* (Каралаев). *Күйүттү тепсеп өлтүргөн, Күүлөнүп турган элсиңер* (Токомбаев). 3. Опурулуу, күчөнүү. *Аныгын, чынын билбесең, Аламан сөзгө күүлөнбө* (Бөкөнбаев).

**КҮҮЛӨНТ** **күүлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮҮЛӨНҮҮ** **күүлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҮЛӨӨ** **күүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮҮЛӨШ** **күүлө** этишинин кош мамилеси.

**КҮҮЛҮҮ** Кайраттуу, алдан-күчтөн тайбаган (көбүнчө кары адамдар жөнүндө). *Сексен жашка чыкканына карабастан, Беккул абышка али да болсо күүлүү.*

**КҮЧ** 1. Тирүү жандыктардын булчундарын кыймылга келтирүү аркылуу аракеттенүү мүмкүнчүлүгү, адамдын (жандыктын) алы, дарманы, кубаты, бир нерсе кылууга, иштөөгө жарамдуулугу. *Алтымышка жаш жетти, Энеңден кайрат, күч кетти* («Кедейкан»). *Адамдар ушул бүткүл тоону оодарып салууга да күчтөрү жетет* (Сасыкбаев). *Мына күчүм – курулушка жумшаймын* (Токомбаев). 2. Адамдын акыл-ой ишине жөндөмдүүлүгү, шыгы. *Бул кезде күчүн жайып билим кенин, Кези экен кадаланып казып жаткан* (Турусбеков). *Акылайга окшобой калабы дейм, Акындык күчүм менин жетпей турат* (Турусбеков). 3. Ишти, жумушту аткаруу жөндөмдүүлүгү. Бир нерсенин кыймылынын, жүрүшүнүн, таасиринин деңгээли, кубат, энергия, кайрат. *Эр паровоз күчкө келип, Адыр, кырды аттаган* (Бөкөнбаев). *Желаргыны да жумушка кошсо көп күч кирет* (Убукеев). *Аялдар зор күч экендиги шахтадан дале сезилет* (Сасыкбаев). 4. Укук, укуктуулук, таасирдүүлүк. *Мыйзам өз күчүн жоготту. Акчанын күчү.* 5. Бийлик, кудурет, таасир. *Кантейин, жазмыш күчү уруксат бербейт, Заманга иштер элем далайга өлбөй* (Осмонов). *Коллективдин күчү.* 6. Мүмкүнчүлүк, шарт, чама. *Кымбат баалуу тамактарды сатып жешке күчүм жетпейт* (Абдукаримов). 7. Кандайдыр бир ишкердүүлүктүн, күчтүүлүктүн, таасирдин булагы. *Белгисиз күч кирпигимди көтөрүп, Уктатпады, уйкум эске келбеди* (Токомбаев). *Эл – тарыхты түзүүчү, коомдук өнүгүүнүн башкы күчү* («Кыргыз Руху»). 8. Өз ишинде кандайдыр бир мүнөздүү өзгөчөлүктөргө же багытка ээ болгон коомдун бөлүгү. *Өндүрүштүн кыймылдаткыч күчтөрү. Тынчтык үчүн күрөшкөн күчтөр.* 9. Аскерлер, кандайдыр бир өндүрүштүк коллективге бириккен адамдар тобу, бирдей кесиптеги адамдар. *Куралдуу күчтөр. Деңиз күчтөрү. Артисттик күчтөр.* 10. Эмгек, кызмат, жардам. *Ичип турат сүтүңдү, Көрүп турат күчүңдү* (Тоголок Молдо). *Кээ бир иштерди акчага шылтабай өзүбүздүн күч менен бүтүрүшкө болбойбу?* (Сыдыкбеков). 11. Өтө көп, күчтүү, кыйын, катуу. *Кыялы бузук, заары күч, Ал Көкдөөдөн күдөр үз* («Эр Төштүк»). *Мейли, болсун капкараңгы түн айсыз, Мейли, болсун бороону күч ызгаар кыш* (Осмонов).

**КҮЧ АЛУУ** Күчөө, күчөй баштоо, күчтүү, кубаттуу болуу, көбөйүү. *Жусупакундун кылыктары жөнүндөгү сөздөр күч ала баштады* (Жантөшев). *Уламдан улам шамал күч алат. Бороон күч алып, толкундар төө өркөчтөнүп жээкке урунуп жатты* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Күчаладай күч алуу.** *Булар эми күчаладай күч алган экен го* (Жакыпбеков).

**КҮЧ ЖУМШОО** Иштөө, кызмат кылуу, бир нерсени орундоо үчүн аракет кылуу. *Күмүштөн артык баркыңа, Күчүмдү жумшайм жетүүгө* (Жеңижок). *Биздин милдет күч жумшамак аларга, Эсен болсо кырсыктардан денибиз* (Токомбаев).

**КҮЧ КЕЛТИРҮҮ** Кандайдыр бир нерсеге же бирөөгө көбүрөөк басым жасоо, ага оордук, кыйынчылык келтирүү, көбүрөөк таянуу. *Бугимов папироско күч келтирип, дале ары-бери басып турат* (Сасыкбаев). *Көзүнө күч келтирип ыйлай берди* («Ала-Тоо»).

**КҮЧ КҮЙӨӨ** Кыздын ата-энеси менен бирге жашаган күйөө, өзүнчө үй-жайы жок күйөө бала. *Күч күйөө жатканын калыңга тогойт* (макал). *Чоңдун катын-баласынан өйдө илээлүү келчи эле, сени менден ажыра-*

*тып, куч куйөөгө айлантпасын* (Бейшеналиев).

**КҮЧ КҮЙӨӨ БОЛУУ** Аялынын ата-энесиникине башы менен биротоло кирип берүү. *Куч куйөө болуп кирем деп, Кызын бекер алам деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ырас кылыпсың, куч куйөө болуп, оңой оокатты тапкан окшойсуң* (Эшмамбетов). *Куч-куйөө болуп журөсуң, Калмырзага тийишип* (Калмырза).

**КҮЧ КЫЛУУ** Иштеген ишин, көрсөткөн жардамын, көмөгүн ж.б. милдет кылуу, доомат коюу. *Өз жумушуңду өзуң иште, мага куч кылба деп кагып койду* («Ала-Тоо»).

**КҮЧ УНАА** Ишке чегилүүчү унаа (мал). *Кадыркулов он уймөк чөп эмес, бир уймөк чөп куч унааларга, кала берсе, колго караган малдарга канча пайда келтирерин айтты* (Таштемиров).

**КҮЧАЛА** Топчу формасындагы ак даны бар көп жылдык уулуу өсүмдүк. *Тигил Сапар эмне кучала жегендей болуп, тырп этпейт* (Бейшеналиев). *Кучтуу арактан алдырып, Кучу кайтып калат деп, Кучала туурап салдырып* («Манас»). *Куч кайраты ташыды, Кучаладай ачыды* (Жантөшев).

**КҮЧӨ** Күч алуу, катуулоо, улам артуу. *Бороон улам кучөйт* (Жантөшев). *От алоолонуп, барган сайын кучөп барат* (Абдукаримов).

**КҮЧӨН** **күчө** этишинин өздүк мамилеси.

**КҮЧӨӨ** **күчө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЧӨТ** **күчө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЧӨТКҮЧ** 1. *тех.* Электр күчүн, кубатын күчөтүүчү аспап. *Лампалык кучөткуч.* 2. *хим.* Бир нерсени күчөтүү, чыңоо үчүн колдонулуучу зат.

**КҮЧСҮЗ** 1. Күчү жок, алсыз, кубатсыз, дармансыз. *Эски чакта кучсуз болсо бечелдей, Бугун кучтуу, эрк нуруна бөлөнгөн* (Токомбаев). *Жазыксыз долу толкун капшапка алды, Кучсуздөр кандай ага айла кылар* (Турусбеков). 2. Кандайдыр бир иш боюнча начар, билимсиз, жөндөмсүз, мүмкүнчүлүгү жок. *Биздин бабалар тоонун ички сырын ачууга кучсуз болушту* (Сыдыкбеков).

**КҮЧТӨ** 1. Күчкө салуу. *Кучтөгөндө куруч да желбейт* (макал). *Көзунө улам-улам дурбуну алат, Кыйналат аны бирөө кучтөгөндөй* (Үмөталиев). 2. Күчөтүү, күчтүүлөө. *Тамакты кучтөп ичсе гана айыкчу дарт экен* (Сыдыкбеков).

**КҮЧТӨН** 1. Күч алуу, күчкө кирүү, кубаттануу. 2. Чымырკануу. *Ичпейм деп айтат кучтөнуп, Уч куну журөт тиштенип* (Шүкүрбеков).

**КҮЧТӨН ТАЮУ к. Күүдөн таюу.**

**КҮЧТӨНТ** **күчтөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮЧТӨӨ** **күчтө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЧТҮҮ** 1. Күчү бар, алдуу, кубаттуу. *Саламаттыгы мыкты, алдуу-кучтуу балдар чоюн эритуучу цехке которулду* (Сасыкбаев). *Алтымыш жашка чыксам да, Алымды кучтуу сеземин* (Бөкөнбаев). *Сенин кучтуу, чордуу баатыр колуңдан, Кара зоолор калтырады, кулады* (Токомбаев). 2. Мүнөзү, эрки туруктуу, бекем, кайраттуу. *Эрки кучтуу адамдар.* 3. Жакшы куралданган, мыкты, кубаттуу. *Кучтуу аскер.* 4. Бийликтүү, кудуреттүү, кубаттуу, таасирдүү, беделдүү. *Гулдуу, кучтуу, теңдеши жок мекеним!* (Токомбаев). *Заман кучтуу, куч чак келбейт алдына* (Осмонов). 5. Кыйын, оор жумушту орундатууга жөндөмдүү, өндүрүмдүү, зор кубат, энергия бере алган. *Полуна цемент төшөлгөн бөлумдө кучтуу машинаны тейлеп Фатима олтурат* (Сасыкбаев). *Кучтуу, кулук от араба, Алга карай дыркырайт* (Токомбаев). *Көк-Жаңгактын көмурунун табы да кучтуу, жалыны да узун* (Сасыкбаев). 6. Кыймылы, деңгээли, күчү боюнча орчундуу, кубаттуу, катуу. *Жарга жетип чыңырды да, Кучтуу шарга ыргыды* (Токомбаев). *Кучтуу шамал кучөп уруп, Булут качты асманда* (Токомбаев). *Кыштын суугу да абдан кучтуу болуп, а дегенде эле катуу кармады* (Убукеев). 7. Маанилүү. *Кызыл желекчелердин мааниси кучтуу, сыймыгы зор* (Сасыкбаев). *Көркөм сөзду ок катары карайбыз, Кучтуу сөзду мыктуу курал санайбыз* (Турусбеков). 8. Катуу чыккан, дабыштуу. *Салтанаттуу чогулуш кызуу алкыш, кучтуу жаңырык менен ачылды* (Сасыкбаев). *Жамгыр нөшөрлөгөн сайын алда кандай кучтуу добуш уйгө кирип келаткансыйт* (Сыдыкбеков). 9. Керектүү нерселерге бай, берекелүү, өндүрүмдүү. *Таластын тоосу бийик, жери тегиз, Таластын жери кучтуу, малы семиз* (Шүкүрбеков). *Уйларыңа кучтуу тоют жем керек, Көп эттенсе кундуз жуну сеңселет* (Осмонкул). 10. Өз ишин жакшы билген, жакшы аткарган, билимдүү, зээндүү, жөндөмдүү, билгич. *Ал чет тили боюнча кучтуу. Кучтуу кызматкер. Билими кучтуу миңди жыгат* (макал). 11. Көп, чоң, кыйын, бекем. *Эчендн көргөн Коңурбай, Айласы кучтуу доңуз ай!* («Манас»). *Бирок коркунуч дагы кучтуу* (Жантөшев). *Хан болгон бул кишиңер – Каары кучтуу, зор бекен?* («Эр Табылды»).

**КҮЧТҮҮЛҮК** 1. Күчү бардык, алдуулук, дармандуулук, кубаттуулук. 2. Кудуреттүүлүк, мыктылык. *Байрактагы орок-балка нур жылдыз, Эрк, таалайдын, кучтуулуктун элеси* (Токомбаев).

**КҮЧҮ КАЙТУУ** Баштагыдай, мурдагысындай болбой басандай түшүү. *Оорунун кучу кайтып калды. Алардын кучу кайтты, эми корко турган жерибиз жок.*

**КҮЧҮ ТАШУУ** Кубаты, даремети ашуу, күчтөнүү, күчтүү болуу. *Бул немелердин кучу*

*ташып турган кези жазында эмеспи* (Нурпеисов).

**КҮЧҮГӨН** *эск.* Көк жору. *Күчүгөн жүндүү сыр жебе, Киричине чалынып* («Манас»).

**КҮЧҮК** 1. Иттин жана карышкырдын баласы. *Аскар күчүккө сөөмөйүн кезеди* (Сыдыкбеков). *Тоодой үйүлгөн чөптүн арасынан жаш күчүктөрдүн кыңшылаган үнү угулгансыйт* (Сасыкбаев). 2. Дарактардын же өсүмдүктөрдүн бүр ачууга жакындаган мезгилиндеги майда-майда бүртүктөрү. *Байчечекейлер күчүк атты* (Сасыкбаев). *Зейпи укалап жаткан талдын күчүгү эле* (Аб-дукаримов). 3. *өт. сүйл.* Баланы эркелетүүдө колдонулуучу сөз. *Экөөңөр тең менин күчүгүмсүңөр* (Үсөнбаев). *Мына бул күчүктүн күлүп турганын карачы* (Абдукаримов).

**КҮЧҮКТӨ I** Күчүк туу, балалоо (канчык жөнүндө).

**КҮЧҮКТӨ II** Бүрдөө алдында бүртүк байлоо, бүртүктөр пайда болуу. *Талы күчүктөп, токою бүрдөдү* (Сыдыкбеков).

**КҮЧҮКТӨӨ күчүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЧҮ-КҮЧҮ** Итти, күчүктү чакырууда колдонулат.

**КҮЧҮН АЛУУ** Убактылуу пайдаланууга берүү, иштетүүгө берүү же алуу. *Бир аттын күчүн алып берейин.* **В.: Күчүн берүү.** *Азимкан балам, тагыңдын үч күндүк күчүн бербедиң* («Кедейкан»).

**КҮЧҮН ҮРӨӨ** Бардык күчү, бүт мүмкүнчүлүгү менен аракеттенүү. *Бүт күчүмдү үрөймүн. Ат күчүн үрөп, алда кайдан келдим.*

**КҮЧҮНӨ САЛУУ** Бир нерсеге таянып иш бүтүрүү. *Акчанын күчүнө салуу. Бийликтин күчүнө салуу.*

**КҮЧҮРКӨ** Күч келүү, күч алуу, күчүркөнүү.

**КҮЧҮРКӨН** Күч келип ооруп калуу, күч келип ооруксунуу. *Бир нече күн жол жүрүп Табылдынын буту күчүркөнүп кайрадан шишип күчөй баштады* («Эр Табылды»). *Жанагы капты көтөрө коёмун деп белим күчүркөнө түшпөдүбү.*

**КҮЧҮРКӨНҮҮ күчүркөн** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЧҮРКӨӨ күчүркө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮЧҮРКӨТ күчүркө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮШ-КҮШ** 1. Абанын катуу кысылып чыккан агымынан пайда болгон дабыш. *Паровоз күш-күш этип барып токтоп калды.* 2. Малды айдоодо колдонулат.

**КҮШҮЛДӨ** Күш-күш эткен дабыш чыгарып оор дем алуу. *Ар жагында күшүлдөп, Аркандалуу үй жатат* (Турусбеков). *Атазак бай бышылдап-күшүлдөп кирип келди* (Абдукаримов).

**КҮШҮЛДӨӨ күшүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**КҮШҮЛДӨТ күшүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**КҮШҮНӨ** Мушташка маш адам.

**КЫБАЛОО** 1. Сынып, же чыгып кеткен (мис., кол, бут ж.б.) сөөктү ондоо, ордуна келтирип түзөтүү, эби менен кылдат тануу. 2. Бир нерсени өзгөчө көңүл коюп, өтө тыкаттык менен, же чебер жасоо. 3. Аркасынан түшүп, калбай кубалоо. *Жол кеңитти кыбалап* («Манас» С.О.).

**КЫБАСЫ КАНБОО** Аткарылган ишке же башка бир нерсеге алымсынбоо, каалагандай аткарылбоо, тилегени ордунан чыкпоо. *Кыбасы канбайт баатырдын кыйратпай жоону күч менен* (Токомбаев).

**КЫБАСЫ КАНУУ** Тилегени ордунан чыгып, абдан ыраазы болгон, алымсынган сезимде болуу, моокуму канып, жарпы жазылуу. *Кут этпей «күнөөсүн» мойнуна ала берсе, кыбасы канып, бийлиги мудаасына жеткендей өзү ыраазы болуп, кадыресе жумшарып калат* (Касымбеков). *А түгүл жөжүрөгөн майдаларды жайына койбой ыйлатып, ошого кыбасы кана каткырып жүрүштү* (Өмүрбаев). *«И, өтүп баратасыңбы, бегим, бул байманалуу, бактылуу дүйнөңдөн?!» деген кыбасы канып турган кызы сезилгенсийт* (Касымбеков).

**КЫБАЧЫ I** Билгич, тажрыйбалуу, устат, машыккан киши. *Сапар кыбачы сугатчыдан бетер сөөмөйүн суна көзүн жүлжүйттү* (Жантөшев).

**КЫБАЧЫ II** Жумшартуу белгиси (реформаланган араб алфавитинде жана баштапкы алынган латын тамгасында).

**КЫБАЧЫЛ** 1. Чыккан же сынган сөөктү ордуна сала турган, таңа турган адам. 2. Билгич, тажрыйбалуу, устат. *Алар «суунун тилин билген» кыбачыл адамдар* (Бейшеналиев).

**КЫБЫЛА** 1. Мусулмандар бет алып намаз окуучу тарап. *Таң тээ жактан атканда, Саратан жылдыз батканда Кулалуу кумган колго алып, Колу башын жуушуп, намазын бирин койбой окуп, кыбылага карай, кудайга сыйнат кылып турду* («Эл адабияты»). 2. Күн батыш тарап. *Кыбыла жагын алыптыр* («Манас»С.О.). *Кыбылага карашып* («Манас» С.О.). *Кыбыладан күн батып, Эл аркага жаныптыр* («Эл адабияты»). *Кыбыладан жел согуп, кандайдыр бир жылуулук мемиреди* (Сыдыкбеков).

**КЫБЫЛЖУУ кыбылжы** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫБЫЛЖЫ** Кыбырап, эң акырын, жай кыймылдоо, аракет кылуу, жылжып сызылуу (мис. суу). *Демейде кыбылжыган Ышкынаалынын аягы эбелектей болуп кетти* (Байтемиров).

**КЫБЫЛЖЫТ кыбылжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫБЫҢ-КЫБЫҢ ЭТҮҮ** Көзү уялыңкырагандай абалда болуп, кирпик тез-тез, тиертийбес ирмелүү.

**КЫБЫҢДА** Көзү кыбың-кыбың этүү. *Акматтын кубанып тургандай кыбыңдаган көзү дайым күлүмсүрөп туруучу* (Элебаев).

**КЫБЫҢДАТ кыбыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫБЫҢДОО кыбыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫБЫР** Кыймылы, аракети өтө жай, акырын, кибир. *Кербендердин жүрүшү эң эле кыбыр* (Абдукаримов).

**КЫБЫР ЭТҮҮ** Илээлеп кыймылдоо, аракетке келүү, ыргалуу, араң эле, өтө жай, кибир кыймылдоо. *Буйрө чачы күнгө тийген булуттай, Толгонушуп кыбыр этет жерге жай* (Токомбаев). *Короодо кыбыр эткен жан жок* (Жантөшев).

**КЫБЫРА I** Өтө жай, илээлеп кыймылдоо (кибир жандыктар жөнүндө). *Жаз келип, карлар эрип жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап курт кыбырап* (Турусбеков).

**КЫБЫРА II** Төртүнчү муундагы тукум, чөбүрөнүн баласы. *Байгазы чоң атамды көп жашап, кыбырасын көргөн дешет.*

**КЫБЫРАГАН ЖАН ЖОК** Эч ким, эч адам жок, жымжырт, эч бир жан көрүнбөө. *Кыбыраган жан жок, айлана тымтырс.* **В.: Кыбыр эткен жан жок.** *Короодо кыбыр эткен жан жок* (Жантөшев).

**КЫБЫРАГАНДЫН БААРЫН АЙТУУ** *же* **жеткирүү** Майда-чүйдөсүнөн бери эч нерсе калтырбай толук айтуу, жеткирүү. *Кыбыраганынын баарын Кычан, Атай – үчөөбүз Тенти агайга жеткирип турабыз* (Бейшеналиев).

**КЫБЫРАТ кыбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫБЫРЛА кыбыра** менен бирдей.

**КЫБЫРОО кыбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫДЫГЫЙ** Жапыз бойлуу, кичине бойлуу, кыдык. *Окуучулар көрсөк деп самаган адам анча деле кыдыгый эмес экен* (Таштемиров).

**КЫДЫЙ** Жапыз, кичине бойлуу болуп көрүнүү.

**КЫДЫК** Кыдыйган, кичине бойлуу, кидигий, кыдыгый.

**КЫДЫҢ-КЫДЫҢ ЭТҮҮ** Майдалап, тез-тез басуу. *Кыдың-кыдың, торпогум, Кыдыңдаган торпогум* (Тоголок Молдо).

**КЫДЫҢДА** Майдалап, тез-тез басуу, кыдың-кыдың этүү. *Кыдыңдаган көк эшектин үстүндө ээн талаа менен кетип барам* (Элебаев).

**КЫДЫҢДАТ кыдыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫДЫҢДОО кыдыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫДЫР I** Улам бир жерге баруу, улам бирине, бирден-бирге өтүү. *Асанбай Барпыны ээрчитип алып жылкычыларды кыдырды* (Байтемиров). *Чайдан кийин бозо куюлган кеселер кыдыра баштады* (Убукеев).

**КЫДЫР II кызыр** менен бирдей.

**КЫДЫР ДААРЫГАН** Бактылуу, иши оңунан чыккан, иши илгерилеп турган. *Бийликте кыдыр даарыган, периштелер көз салган адамдар турарын даңктады* (Осмоналиев). **В.: Кыдыр жылоологон.** *Көрсө сенин өнөрүң кыдыр жылоологон өнөр турбайбы* (Осмоналиев). – *Өзүң чөп-чардын тилин, таштын сырын молдолордон окуп үйрөндүңбү, же кыдыр жылоологонбу* (Осмоналиев). **Кыдыр колдогон.** *Сен өзүң бекер адам эмес көрүнөсүң, кыдыр колдогон жан окшойсуң* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫДЫРАКЕЙ кыдырата** менен бирдей.

**КЫДЫРАТА** Катары, ирети менен, катарынан. *Адыл ордунан турду да, олтургандарга кыдырата карады* (Сыдыкбеков).

**КЫДЫРМА** 1. Кыдырып жүрүүчү, кыдырып бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүүгө ылайыкталган. *Алыскы жайыттагы малчылар үчүн кыдырма дүкөндөр уюштурулган.* 2. *сүйл.* Көп айылчылаган.

**КЫДЫРМАЧЫ** 1. *тар.* Кыдырып соода жүргүзүүчү соодагер. 2. *сүйл. өт.* Үйдөн-үйдү кыдырып жүрүүчү, айылчы. *Кыдырманы кыдырып, сыдырманы сыдырган бир ордуна тура албаган тынчы жок жан эле ыраматылык.*

**КЫДЫРТ кыдыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫДЫРУУ кыдыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЖАК** *диал.* Кыяк.

**КЫЖАЛАТ** 1. Муктаж, зарыл. *Мен бүгүн акчага кыжалат болуп турам.* 2. Ыңгайсыз, эмне кыларын билбеген абал, капа болгондук, тынчсызданганды к. *Айрыкча мен сары санаа ойго түшүп, кыжалат болуп саргайдым* («Ала-Тоо»). *Жалгыз гана Алтынай өтө кыжалат болгондой эрдин тиштенип кызара түштү* («Ала-Тоо»). *Атам кечиккен сайын чыдамым кетет, кыжалатым күчөйт* (Касымбеков).

**КЫЖЫ-КЫЖЫ** *же* **кыжы-кужу** 1. Көп киши чогулуп жалпы сүйлөшкөндө чыгуучу ачык эмес, кужулдаган дабыш, үн. *Ар ким өздөрүнчө түркүм сөздөрүн айтышып кыжы-кужу* (Жантөшев). *Сахнадагы чоочун турмуш, кыжы-кужу чындап эле Сапар менен Шариптин баштарын оорутчудай кейиптенди* (Бейшеналиев). 2. Чыр-чатак сөздөр, наразылык, кер-мур айтыш. *Баягы Садык барындагы эл арасында болуучу кыжы-кужу жоюлуп, бир беткей болуп мамырап калбадыбы* (Байтемиров).

**КЫЖЫ-КЫЙМА** Өтө көп, толгон, быкылдаган, жык-жыйма. *Нарядга даярданган шахтёрлор эшикте да, үйдө да кыжы-кыйма* (Сасыкбаев). *Кичинекей станция кыжы-кыйма болуп, опур-топур элге толду* (Сасыкбаев).

**КЫЖЫЛДА** 1. Ачып кетүү, быкылдап

ачып кетүү (мис., шарап, бозо). *Кымыздын жыты буруксуп, чаначтын ичинде кыжылдап кайнайт го?* (Байтемиров). 2. Быкылдоо, өтө көп болуу. *Чоң посёлканын ортосундагы кыжылдаган эл кумурскадай жайнайт* (Сыдыкбеков). *Кыя тарткан жол менен, Кыжылдаган кол менен* («Манас»). 3. Түшүнүксүз башка тилде сүйлөө. *Кырк миң солдат, мен жалгыз, Кыжылдайт, тилин билбедим* (Токтогул). 4. Кыжы-кужу болуу, айтышуу, тартышуу, чырдашуу; дайынсыз көп сүйлөө. *Кыжылдаган үндөрү адамдын кыжырына тиет* (Бектенов).

**КЫЖЫЛДАТ кыжылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЖЫЛДАШ** Бирөө менен кыжы-кужу болуу, айтышуу, тартышуу, чырдашуу. *Жанты менен Саруул ооз учтарынан алик алышып, кыжылдаша берүүдөн тартынышты* («Ала-Тоо»). *Жүр, бастыр, Кыжылдашып турбагын* (Токомбаев).

**КЫЖЫМ** Өң жагында жумшак түгү болуп, баркытка караганда түгү узунураак келген тукаба. *Кызыл кыжымдан кемсел тиктим* (Каимов).

**КЫЖЫМЫ кыжым** менен бирдей.

**КЫЖЫН** Ызырынуу, ачуулануу, кыжырлануу. *Нурмат кимгедир кыжынып койду* (Жантөшев).

**КЫЖЫНУУ кыжын** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЖЫҢ-КУЖУҢ** Чыр-чатак, кер-мур айтыш. *Абышкалардын кыжың-кужуң сөздөрүн тыйып, Жаркын козголгон маселени кеңири түшүндүрө баштады* (Убукеев).

**КЫЖЫР** Ачуу. *Бул укмуштуу окуя Искендердин кыжырын келтирди* (Баялинов). *Кээ бир активдердин кылыктары кыжыр кайнатты* (Сыдыкбеков).

**КЫЖЫРДАН кыжырлан** менен бирдей.

**КЫЖЫРЛАН** Каны кызуу, ачуулануу, жини келүү, туталануу, кыжыры келүү. *Сабийра алда кимге кекенген кишиче бир аз кыжырланып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Жанатан бери кыжырланып отурган Шабыраалы муунгандай болуп калды* (Байтемиров).

**КЫЖЫРЛАНТ кыжырлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЖЫРЛАНУУ кыжырлан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЖЫРЫ КАЙНОО** Жини келүү, ачуулануу. *Мунарбектин Айбекке кыжыры кайнап кетти окшойт, кичинекей муштуму менен аны дал ортого коюп жиберди* (Акматов). *Биз ошондо Улукбек акеге боорубуз ачып, Жоро шайтандын ырайымсыз тамашасына кыжырыбыз кайнады* (Жигитов).

**КЫЖЫРЫНА ТИЙҮҮ** Жинине тийүү, жинин, ачуусун келтирүү. *Анын буйрук кыла айткан сөзү карыя кишинин кыжырына тийди* (Убукеев).

**КЫЗ** 1. Ата-эненин ургаачы жыныстуу баласы, ургаачы жыныстуу, бойго жете элек же бойго жеткен жаш адам. *Машинада бара жаткан инженер Лиза аттуу кызын эсине түшүрүп, терең күрсүндү* (Сасыкбаев). *Бүкөнтай, бучук мурун үч жашар кыз* (Осмонов). *Сабак убактысы кандай өткөнүн кыздар сезбей да калды* (Сасыкбаев). *Жигит менен кыздарга жээгинде ойнор көл жакшы* (Жантөшев). *Басып өтсөң, жолуңдан гүл ачылып, Жетпей калчу кыз, келин кулач уруп* (Мамазаирова). 2. Аялдын кайын синдисине (күйөөсүнүн карындашына) карата тергөө катары колдонуучу сөзү.

**КЫЗ АЛА КАЧУУ** *тар.* Куда түшкөн кызга калың төлөөгө каражат жетишпесе, жигит кыздын макулдугу менен кызды ала качуусу.

**КЫЗ-КЕЛИН кыз-кыркын** менен бирдей.

**КЫЗ КӨЧҮРҮҮ** Күйөөгө чыккан кыздын көчүн төркүн тараптагылардын салтанат үчүн узатып чыгышы. *Сегиз миң катын аттанып, Кыз көчүрүп жол-жолдон* («Манас» С.О.).

**КЫЗ КУУМАЙ** Белгилүү бир чекке чейин ат минип качкан кызды же колуктусун жигит кууп жетүү негизги шарты болгон улуттук оюн.

**КЫЗ-КЫРКЫН** Ата-эненин же туугандарынын турмушка чыккан же турмушка чыга элек кыздарына айтылуучу жалпы сөз, жалпы эле кыз-келиндер. *Он киши он жердеги сөөк-тамыр, кыз-кыркындарына чабаганчы кетти* (Жантөшев).

**КЫЗ ОЮН** Кызды күйөөгө берерде же жигит күйөөлөп келгенде кыз менен жигиттер чогулуп, көңүл ачышуучу оюн-тамаша. *Кыз оюндарда Токтогулдун ыры жаштарды өзүнө тартты* (Бөкөнбаев).

**КЫЗ ТАЛАК** Көбүнчө эркектерди тилдөөдө, жемелөөдө колдонулат. *Кызы талак Толтойго Көрсөтө албай мен калдым* («Семетей»).

**КЫЗ УЗАТУУ** *тар.* Үйлөнүү тоюнун салттуу көрүнүштөрүнүн бири.

**КЫЗ ЧЫГАРУУ** Кызды күйөөгө берүү, узатуу. *Көрөм десең урматын, Уул үйлөп, кыз чыгар* (Токтогул).

**КЫЗАЛАК** Кызды же келинди кемсинтүү маанисинде айтылган сөз. *Кызалак – деп, ат койгон, Кычкачын алып тап койгон* (Тоголок Молдо). *Жетим кызалактын иши болушунча болду, боёосу канды* (Бейшеналиев). *Келин да болсоң, Чачыкей, Кечикпей мага тиесиң, Керсеңдесең, кызалак, Кементай кийип жүрөрсүң* («Эр Табылды»).

**КЫЗАЛАНДА кызаңда** менен бирдей.

**КЫЗАМЫК** Денеге майда кызыл бүртүктөр пайда болуп, эти ысып, көздүн айланасы, ооздун ичи жана дем алуу жолдору сезгенип ооруй турган балдардын жугуштуу оорусу. *Беш жашары солуп жаткан, Алдастатып кызамык* (Токомбаев).

**КЫЗАҢДА** 1. Каны кызуу, ачуусу келүү, ызалануу, чычалоо. *Сапар кызаңдап тумшу-*

*гу менен бир тийди* (Бейшеналиев). 2. Кийимдин жыртыгынан же ачык жеринен дене көрүнүп туруу. *Далдалы чыккан көйнөгүнөн кызаңдап эти көрүнүп жүрөт* (Убукеев).

**КЫЗАНДАТ кызаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЗАНДОО кызаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗАР** 1. Кызыл түскө кирүү, кызыл түскө өтүү, кызыл түс пайда болуу, канталап чыгуу. *Спираль заматта кадимкисиндей кызарып чыкты* (Бейшеналиев). *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Жылуу бөлмөгө кирип, ысык чай уурттаган Мырзагүл эженин бети кызарып чыкты.* 2. *өт.* Уялган, кысылган абалда болуу. *Мыскал эчтеке айта албай, кызарып кетти* (Сыдыкбеков). *Динар бир аз кызарып кошо күлдү* (Сыдыкбеков).

**КЫЗАРА БӨРТҮҮ** Ыракатын көрүү, иштен берекет табуу. *Кызара бөртөт деген бар, Саргара багып сактасаң* (Осмонкул). *Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң* (макал).

**КЫЗАРАНДА кызыраңда** менен бирдей.

**КЫЗАРТ кызар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЗАРУУ кызар** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗАРЫҢКЫ** Анча көп кызыл эмес, бир аз кызарган, кызгылтым. *Кызарыңкы күн да батты салкындап* (Турусбеков).

**КЫЗАРЫП-ТАТАРУУ** Абдан ачуусу келгенде же күч келгенде буулуга тартып кызарып кетүү. *Чымырканып бети-башынан бери кызарып-татарганы менен Сапар челекти жерден үзө албады* (Бейшеналиев).

**КЫЗГАЛДАК** Кызыл гүлү кичирээк келип, тез ачылып, тез эле күбүлүп түшүп калуучу эрте жазда өсө турган өсүмдүк. *Таштын түбүндө гүл ачкан жалгыз түп кызгалдак турат* (Жантөшев). *Кызгалдак ачылгандай бир заматта дөбөнүн үстү гүлдөп кетти* (Сыдыкбеков).

**КЫЗГАЛДАКТАЙ** Кызгалдакка окшош, кызыл. *Албырган жүзү кыпкызыл болуп кызгалдактай кулпуруп турду.*

**КЫЗГАЛДАКТУУ** Кызгалдагы бар, кызгалдак көп өскөн. *Кызгалдактуу дөбө.*

**КЫЗГАН** 1. Кыйбоо, бергиси келбей аёо. *Балам үчүн кызганбай, Чачтым эле малымды* (Токомбаев). 2. Ичи таруу, ичи тардык кылуу. *Капырай ошону эң жакын жолдошум Саби-радан да кызганчу болдум да* («САЖИ»).

**КЫЗГАНУУ кызган** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗГАНЧААК** Ичи тар, аягыч. *Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө – Кызганчаак, аялына жүрөгү тар* (Осмонов).

**КЫЗГАНЫЧ** Ичи тардык, кызгангандык. *Ичине кызганыч, күнүлөө пайда болду* («Ала-Тоо»). *Ураган дубал – кызганыч, Жаштабайт бермет көзүңдү* (Закирова).

**КЫЗГАНЫЧТУУ** Кызгана турган, аяй турган абалдагы, кызгануу сезимин туудурган.

**КЫЗГЫЛТ** Анча кызыл эмес, чымкый кызыл эмес, солгун кызыл. *Калыбек азандан туруп, кызгылт жибек пижамасын кийди да, сыртка чыкты* (Шимеев).

**КЫЗГЫЛТЫМ кызгылт** менен бирдей.

**КЫЗДУУ** Кыз балалуу, кыз баласы бар. *Шопок кырк экиге чыкканча бир гана кыздуу болду* (Бөкөнбаев).

**КЫЗДЫН БАЛАСЫНДАЙ** Эң назик, көркөмдүү, татынакай. *Кыздын баласындай мумураган айланайыным! Кыздын баласындай, колдун салаасындай.*

**КЫЗМАТ** 1. Белгилүү өлчөмдөгү акы үчүн акыл эмгегинин же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу болгон айрым тармагында иштелген иш, кесип. *Сени азырынча заводдун көмөк жумуштарын тейлөө кызматына алалык* (Сасыкбаев). *Кызматка жарым саат эрте келип, жарым саат кеч кетем* (Каимов). *Кызмат таап бергин деп, Жалдырап Ашым жабышты* (Осмонкул). 2. Эмгек, жумуш, иш. *Кычкачка кармап зер чапкан, Кызматы менен мал тапкан* (Тоголок Молдо). *Кээде көмүр, кээде чоюн, таш тартат, Жаралгандан оор кызмат аткарат* (Осмонов). 3. Бирөө үчүн иштелген иш, бирөөгө кылган жакшылык, пайда, жардам ж.б. аракет. *Шамбет кызматын көрсөтүп, тигил карыны машинадан түшүрүп койду* (Сыдыкбеков). *Силердин кызматыңарды актоого менин кубатым келет* (Абдукаримов). *Жаштары ары-бери чуркап кызмат кылып жүрүшөт* (Абдукаримов).

**КЫЗМАТКЕР** 1. Акыл эмгегинин же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу айрым тармагында иштеген кызматчы, белгилүү бир ишти иштөөчү адам. *Инженер-техник кызматкерлердин чогулушу өткөнү жаткан болучу* (Сасыкбаев). *Айыл-чарба кызматкерлеринин эмгектеги зор каармандыгын өзгөчө белгилөө керек. Шамбет жаш кезинен эле колхоздун белдүү кызматкерлеринен болду* (Сыдыкбеков). 2. Бирөөгө малай катарында кызмат кылуучу, бирөөнүн жумушун иштөөчү. *Кийимимди тоздурба, кызматкермин астыңда* (Токтогул). *Кызматкер болуп биз кетип, Кызык болуп жүрбөйлү* («Олжобай менен Кишимжан»). 3. *өт.* Бирөө жөнүндө кам көрүүчү, ошонун эркин орундап кызмат кылуучу. *Депутат – элдин кызматкери.*

**КЫЗМАТТАШ I** Кызматы бир, иштеш.

**КЫЗМАТТАШ II** Биргелешип иштешүү, кандайдыр бир иштерди иштөөдө бири-бирине жардамдаш болуу. *Өз ара кызматташкандыктан бул иш ийгиликтүү бүттү.*

**КЫЗМАТТАШТЫК** Өз ара кызматташ болуучулук. *Досчулуктун жана эл аралык кыз-*

*матташтыктын принциптери Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын негизи болуп саналат* («Кыргыз Туусу»).

**КЫЗМАТТАШУУ кызматташ** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗМАТЧЫ** 1. Акыл эмгегинде же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу болгон тармагында белгилүү акы алып иштеген киши, кызматкер. *Жылдыз – өз ишин так аткарган кызматчы* («Кут билим»). *Акмат райондук кызматчы эле* (Жантөшев). 2. Бирөөнүн кол астында малай катары кызмат кылуучу, бирөөнүн жумушун кылуучу киши. *Кызматчысы туруучу, Тамак-ашын кайнатып* (Маликов). *Кызматчы болдуң болушка, Кордукту болуш кылган соң* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Бирөө жөнүндө кам көрүп, бирөөнүн эркин аткарган кызматкер.

**КЫЗУУ I** 1. Ысык. *Темирди кызуусунда сок* (макал). *Кызуусунда алдагыны бери тарт, Кыя чапчу кыйын уста оңунда* (Осмонов) 2. Өнүгүп-өрчүгөн, дүркүрөп күчөп турган, сууй элек, кызыган (сезим, көңүл,кубулуш, окуя ж.б. жөнүндө). *Жаштыктын кызуусунда, күчүң барда, Тартынбай табың үчүн түш майданга* (Элебаев). *Татыбек кызуу уйкуда* (Байтемиров). *Кыз-келин кызуу орокто* (Мидин). *Чогулушта кызуу талкуу башталды* (Каимов). 3. Кызымтал, анча мас эмес. *Жолбунов ичип алып кызуу келген экен* (Убукеев).

**КЫЗУУ II кызы** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗУУ КАНДУУ** Өзүн-өзү токтото албаган, ачуусу чукул, токтомдуу эмес, мүнөзү чапчаң, чогоол. *Кызуу кандуу кишиге кол тийгизсе же бир жаман сөз айтса, иштин бүткөнү* (Жантөшев). *Кызуу кандуу, каардуу киши Эдигей, ошо мүнөзү үчүн Борондуу деп аталып калган* (Айтматов). **В.: Каны кызуу.** *Каны кызуу жаш жигит чапса чаап койгондур* (Байтемиров).

**КЫЗУУЛА** Күчөө, улам кызып, күчөгөн абалга келүү. *Кызуулап иштеп жумушту, Чыңалуучу убакты* (Осмонкул). *Кызматка жапырт чыкканда, Кызуулап эмгек кайнады* (Осмонкул).

**КЫЗУУЛАН** Күчөө, уламдан-улам кызуу. *Бурулча кызууланып сүйлөй баштады* (Баялинов). *Чүкөбай кызууланган сайын Зууранын өңү сурданды* (Баялинов).

**КЫЗУУЛУК** 1. Кызыгандык, кызып, күчөп кетүүчүлүк, кызуу кандуулук. *Сенин бул кызуулугуң орунсуз* (Жантөшев). 2. Кызымталдык.

**КЫЗЫ** 1. Ысуу. *Абылдын денеси кызып, тердеп да калды* (Касымбеков). *Күн кызып, улуу шашке болгон убак* (Абдыраманов). 2. Күчөө. *Отургандардын сөзү кызыды* (Жантөшев). *Иш кызыды* (Таштемиров). 3. Делебеси козголуу, кызыгып кетүү, толкундап кетүү. *Белинен кыл комузду сууруп алып, Мендибай кызып кирди күүнү чертип* (Шамшиев). *Суусамырдын коён жатагына чейин белгилүү болгондуктан, анын Черик мергендин да сөзгө аралашкысы келип, делебеси кызып отурат* (Байтемиров). 4. Кызымтал болуу, кызымтал абалга келүү. *Кызып калган аял күйөөсүнүн сөзүнө кулак каккан жок, дагы ырдап кирди* (Байтемиров).

**КЫЗЫГАР** 1. Оңбогон, жаман. *Кырк эшен анда кеп айтат: Манасың бачагар киши болучу. Манасың кызыгар киши болучу. Манасыңа барбайбыз. Сиздин тилди албайбыз* («Манас»). 2. **Кызыктуу** менен бирдей.

**КЫЗЫГУУ кызык** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗЫК I** 1. Көңүлдү өзүнө тарткыдай, көңүлдү өзүнө тарткан, көңүл көтөрө турган. *Кызык кинону көрүшкөн жумушчулардын көңүлү көтөрүлдү* (Сасыкбаев). 2. Сонун. *Өмүр эмгекке, турмушка байланыштуу болсо гана кызык болот* (Сасыкбаев). *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул). 3. Кызуу. *Элдин бардыгы кызык уйкуга кирди* (Жантөшев). *Мал кызык төлдөп жаткан кез* (Элебаев). 4. Тамаша, көңүл көтөргөн тамаша. *Алар кызыкка батып, мектептин жанында ойноп жүрүшкөн эле* (Сыдыкбеков). 5. Кызыкчылык. *Мырзанын кызыгы үчүн жанды кыйнап, Казатта кармашкан биз, өңчөй жалчы* («САЖИ»).

**КЫЗЫК II** Көңүл бөлүү, суктануу. *Сабыр айланага кызыга карады* (Сыдыкбеков). *Жаш балдар таттыга кызыгып, өз алдынча кужураша баштады* (Каимов).

**КЫЗЫКСЫЗ** Кызыгы жок, кызыга турган эмес, көңүлдү өзүнө бура албаган.

**КЫЗЫКСЫН** Кызыгуу, кызыккандыгын көрсөтүү. *Эгерде кызыксынсаң кулак салгын, Эрикпей болгондорду айтып берем* (Турусбеков). *Нурзат «Эми Мурат агай кандай окуяларды айтар экен» дегенсип кызыксынды.*

**КЫЗЫКСЫНУУ кызыксын** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗЫКТУУ** Кызык, кызыктыра турган, көңүлдү өзүнө бурарлык. *Узак жолду кыскартуунун дарысы кызыктуу сөз* (Абдумомунов). *Самсахун жомогун өтө кызыктуу кылып айтты* (Жантөшев).

**КЫЗЫКТЫР кызык** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЗЫКТЫРУУ кызыктыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗЫКЧЫЛЫК** 1. Жакшы көргөндүк, ысыктык. *Тууган баладан тутунган баладын кызыкчылыгы кайта артык болот* (Баялинов). 2. Бирөөнүн пайдасын же белгилүү бир пайданы көздөгөн максат. *Мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн иштеп жатамын* (Сасыкбаев). *Эмгектен качып, өз*

*кызыкчылыгын көздөгөндөрдүн кылыктары балдардын кыжырын кайнатты* («Ала-Тоо»).

**КЫЗЫЛ** 1. Кандын ыраңындай түс. *Алдыңкы кызыл желектүү машинадагылар тоону жаңыртып ырдашты* (Сасыкбаев). 2. *тар.* Революциялык кыймылга тиешелүү, кеңеш өкмөтүнө, кеңештик түзүлүшкө байланыштуу адамдар (көбүнчө көптүк санда). *Кызылдар да карап турбай, душмандын мизин кайтарууга чамдашты* (Сасыкбаев). 3. Көбүнчө көгүш түстөгү, ак түс аралаш жылкыга карата айтылат. *Бир күнү куландан соо кетип баратып, кызыл ат шылк этип кулап түштү* (Элебаев). *Кайда чыкса кызылга, Кайкып учуп сабалап, Кайран жору конуптур* (Каралаев). 4. *өт.* Бастырылып, бөлүнүп алынган эгин, таза дан. *Кырмандын ортосундагы кызылдын жанында Эркин отурат* (Жантөшев). *Жутабай карыя кызылдарды желге сапырууда* (Баялинов).

**КЫЗЫЛ-АЛА КЫЛУУ** Оозу-мурдун канжалатуу, кан чыгара катуу таяктоо, урупсогуу. *Шымаланган, олбурлуу жигиттер бат эле кызыл-ала кылып жиберишти* (Сыдыкбеков).

**КЫЗЫЛ АШЫК** Буттун башы менен шыйрактын учунун кошулган жери.

**КЫЗЫЛ БООР** Кембагал, кедей, колунда жок. *Катагандыктар... куур тонду эттерине кийген кызыл боор кембагалдар* (Сыдыкбеков),

**КЫЗЫЛ БУТ** Аялы жок, бойдок. *Кызыл бут жигиттер көп.*

**КЫЗЫЛ ЖААЛ** Чепкендин коолдолгон жакасы.

**КЫЗЫЛ ЖАБАР БОЛУУ** Бир аз, анчамынча кийим-кечелүү болуп, үстү бүтөлүп калуу, оңоло түшүү. *Байкем менен жеңемин турмушун көрүп зээним кейийт. Кызыл жабар болушсунчу деп кездеме алып бардым экиүч курдай* (Жапаров).

**КЫЗЫЛ ЖАЯН БОЛУУ** Аябай кан агуу, канга боёлуу. *Мурду кызыл жаян болуп кетти* (Турусбеков).

**КЫЗЫЛ ЖҮК** Дан тапшыруу учурундагы эгин жүктөлгөн араба, унаалар тобу. *Кызыл жүк жатат үюшуп, Араба жетпей тартууга* (Үмөталиев).

**КЫЗЫЛ КАБЫК** Тоодо өсүүчү жапа-йы пияз.

**КЫЗЫЛ КАМЧЫ** Ырайымсыз, аялга катаал. *Кызыл камчы шыпайдар* («Семетей» С.К.). – *О, кызыл камчы зулум, мен саа аяш белем?! Мындай каардуу кызыл камчыны ким көргөн* (Сыдыкбеков). – *О кудай урган келесоо, деле камчысынын кызылын кантесиң* (Акматов).

**КЫЗЫЛ КАМЧЫГА АЛУУ** Аябай сабоо, уруу, таяктоо. *Шадыбек анын колу-бутун таңдырып көйнөкчөн көмөрөсүнөн жаткырып коюп, өзү чарчаганча кызыл камчыга алды* (Каимов). *Кыз да болсо аябай, Жигиттер, кызыл камчыга алгыла* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КЫЗЫЛ КАР ЖААГАНДА** Эч качан болбой турган же качан болору белгисиз нерсеге карата айтылат. *Кызыл кар жааганда тилегибиз орундалат тура, – деп мыскылдап күлдү* («Чалкан»).

**КЫЗЫЛ КЕКИРТЕК** 1. Куру кыйкырыкты жакшы көргөн, жөнү жок жерден, орунсуз эле бир нерселерди талаша кызууланып сүйлөй берме. *Кээ бир кызыл кекиртек адамдар оозуңду ача электе эле айтышууга даяр болуп турат* («Ала-Тоо»). *Көрчү тигил кызыл кекиртек старчын да байдын таламын талашып, жан-алы калбай жагынып жатат* (Абдукаримов). 2. Алдымжуттум, жегич-ичкич, жеп-ичкенди жакшы көргөн. *«Менин чыгармамды жылдырсаң, сеникин үчүрабыз», – деп ачык соодалашкан кээ бир кызыл кекиртектер чык- ты* («Кыргызстан маданияты»). 3. Ичип-жей турган тамак-аш деген мааниде. *Азыр эл кызыл кекиртектин гана айласын ойлоп калган* (Абдукаримов). *Кызыл кекиртектин айынан мында келдим* (Абдукаримов). *Кызыл-кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет* (макал).

**КЫЗЫЛ КЕРЕГЕ КЫЛУУ** 1. Боз үйдүн үзүк, туурдугун сыйыруу, жалгыз керегеуугу калуу. *Тезинен боз үйдү кызыл кереге кылып сыйрып жиберишти* (Касымбеков). *Ал эми ортодогу алты канат ак үйдү эл кызыл кереге кылып, токсон тогуз курчап туруштү* (Көчкөнов). 2. Кыргын салуу, үй мүлкүн талоо, талкалоо, эч нерсесин калтырбай олжолоп кетүү. *Акарат кылган сасыткылардын өздөрүн жүндөй сабап, айылын кызыл кереге кылып, талап келгиле* (Токомбаев). **В.: Кызыл уук кылуу.** – *Кана, батаңарды бергиле, мен азыр жигиттеримди баштап, букараны кызыл уук кыламын* (Үмөталиев). *Жер дүңгүрөткөн күчкө биригип, душманын кызыл уук кылып, катуудан казан калтырбады* (Көчкөнов). *«Биз кол көтөрбөсөк да, казан-аякты талкалап, үйдү астын-үстүн кылып, кызыл уук кылып кетишти!» деп, улукка чуркурап ыйлап арыздангыла!* (Үмөталиев).

**КЫЗЫЛ КЕТМЕН** *диал.* Жазгы талаа иштери кызыган учур, мезгил. *Кызыл кетмен учурда айылчылап жүргөнүңөргө жол болсун!* («Ала-Тоо»).

**КЫЗЫЛ КИЙИК** *аңч.* Куран, телки кирет.

**КЫЗЫЛ КИЙҮҮ** *эск.* Баатырдын, кандын, эл башында турган адамдын үстүнө кызыл кийип, сары менен башын ороосу, согуштун белгиси, жоого аттанып жортуулга чыгуунун белгиси. *Кызылды Манас кийиптир – Кыргызга кылар каары бар, Кызылды эндей*

*жамынып, Кылар иши дагы бар. Сарыны башка чалган соң, Бир шумдук кылар чагы бар! Муну айтышып баарысы, Муңайышып калышты* («Манас» С.О.). *Кызыл кийип үстүнө, сары селде чалынып* («Манас» С.О.).

**КЫЗЫЛ КИРЕ** *эск.* Эгин жүктөлгөн арабалардын тобу. *Кызыл кире, күндө келет мамлекетке дан ташып* (Нуркамал).

**КЫЗЫЛ КИТЕП** Сейрек жолугуучу жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн таралуусу, саны, биологиясы жана аларды коргоо чаралары жөнүндө кыскача маалыматтарды камтыган китеп. *Кызыл китепке жок болуу алдындагы, азайып бараткан, сейрек кезигүүчү, толук изилденген, калыбына келген жаныбар, өсүмдүктөрдүн түрлөрү катталган.*

**КЫЗЫЛ КОЗУГА ӨТКӨРҮҮ** Соодада өздөрүнүн товарларын башка нерселерге айырбаштоо. *Кайта келип акчасын кызыл козуга өткөрөт да, бир жыл ичинде жүз коюн миңге жакын койго айландырат* (Убукеев).

**КЫЗЫЛ КОЙДОЙ СОЮУ** *к.* **көк ала койдой союу.**

**КЫЗЫЛ КУЛАК** Бир нерселерди өз пайдасы үчүн ашык баада сатууучу алып сатар, чайкоочу. *Борбордогу кымызга көптөн бери арам акча, оңой олжо тапкан кызыл кулактар ээ болуп келатышат. Ушул унутчаак жеңебиз кызыл кулактын кызы болуп жүрбөсүн* (Тойбаев). *Кызыл кулак, сүткорго, Пайда чыгар мал жакшы* (Жантөшев).

**КЫЗЫЛ КУЛАКТЫК** Ашыкча пайда табуу үчүн болгон соодагерчилик, алып сатуучулук. *Кызыл кулактыкты Кемин өрөөнү боюнча мындан мыкты билгени жок* («Чалкан»). *Кызыл кулактык кылбаңыз, жеңе* (Тойбаев).

**КЫЗЫЛ КУРТ** Жылкынын картасында тезеги менен аралашып жашап, жеген тоютун майдалап сиңирүүгө жардам берүүчү кызыл түстөгү тоголок курт.

**КЫЗЫЛ КЫРГЫН** Кандуу кагылыш, кан төгүлгөн катуу согуш, уруш. *Төрт жыл бою кызыл кыргында жүрүп, алты санынын кыпындай жерин окко чырпытпай, уруш бүткөндө «Даңк» орденинин үчөөн катар тагынып келет* (Жигитов). *Турдубай мерген Калчаны жетелеп, Мусакожону артка калкалап, кызыл кыргынды окчун саксактоодо* (Бейшеналиев). **В.: Кызыл кыргын, кара сүргүн.** *Ушул кызыл кыргын, кара сүргүндөн аман калган бул кишинин колдоочусу бар экен* (Акматов). *Дүйнөлүк алаамат болуп, өмүр менен өлүм айыгышып жаткан кызыл кыргын, кара сүргүндү аралап өтсөң, бирок өлбөй тирүү чыксаң, анан а киши кантип адалдык менен арамдыкты билбей чыксын* (Айтматов).

**КЫЗЫЛ КЫРГЫН, САРЫ СҮРГҮН БОЛУУ** 1. Абдан катуу урушуу, аябай салгылашуу. *Кызыл кыргын, сары сүргүн болуп, эки уруу үч күн беттешти* («Ала-Тоо»). 2. Абдан катуу уу-дуу болуу, аябай талашып-тартышуу. *«Сенин айыңдан атаң экөөбүз кызыл кыргын, сары сүргүн болуп калдык» деди апам* («Ала-Тоо»).

**КЫЗЫЛ КЫРМАН** Бышыкчылык болуп, кырманга эгин толуп турган кез, кырман бастырып, эгин жыйнап алуунун кызуу учуру. *Кызыл кырман маалы келди жаңырып, Эркек-аял эмгек нурун жамынып* (Калык). *Жакшы убак. Кызыл кырман, темин маалы Көңүлдү кубандырып жаңы даны* (Осмонов).

**КЫЗЫЛ МАЙ БОЛУУ** 1. Семиз малдын (көбүнчө жылкынын) кыйналуу, табынан жануу, дартка чалдыгуу, арыктоосуна карата айтылат. *Үйүрдөгү айгыры кызыл май болгон* (Осмоналиев). 2. Кыйналгандан каруусу кетүү, алсыроо, чарчоо, зоругуу. *Чаржайыт чарпып күч качып, Кызыл май болдук, тер басып* (Элебаев). *Жөндөн-жөн эле далбастап, кара жаныңарды карч уруп, кыйналып, тоо коюнун бүтүндөй тинтип, кызыл май боло бербегиле* (Мавлянов). **В.: Кызыл май кылуу.** *Кыпчактын Ак-Шыйрагын семизинде тер алдырып алып, кызыл май кылып алыптыр* (Көчкөнов). *Өзүңөрдү убара кылып, атыңарды кызыл май кылып... деп жасоолдорду аяган киши болду* (Осмоналиев).

**КЫЗЫЛ МУРЧ** *диал.* Калемпир.

**КЫЗЫЛ ӨҢҮ САЗ БОЛУУ** Өңүнөн азуу, сары санаа болуу. *Узун бою пас болуп, Кызыл өңү саз болуп* («Манас»). *Коркконунан далай эл, Кызыл өңү саз болгон* («Жазгыч акындар»).

**КЫЗЫЛ СЫЗЫК** Шаар курууда аянт, көчө, магистраль, өткөөл аймактарын курулуш түшчү аймактан бөлүп туруучу шарттуу чек. *Кызыл сызык курулуш ишинде коопсуздукту жана тартипти камсыз кылат.*

**КЫЗЫЛ-ТАЗЫЛ** Кызыл аралаш ар түрдүү түс. *Кызыл-тазыл кийинип, Кыздар үкү сайынган* («Курманбек»).

**КЫЗЫЛ ТАКТА** *к.* **ардак такта.** *Райондо, областта, Кызыл такта кызматыңды жаздыбы* (Нуркамал).

**КЫЗЫЛ ТЕБЕТЕЙ** *тар.* 1. Хандын белгиси катары өзгөчө тигилген баш кийим. 2. *өт.* Хан, бек. *Кыргызда ар элдин бир кызыл тебетейи бар деген сөз калетсиздей* (Бейшеналиев). *Булар кызыл тебетей болгон Казатты өлтүрүшкөн* (Осмоналиев). *Байымбет уулубуз азуусун айга жанnetwork* 

**КЫЗЫЛ ТИЛ** Чукугандай сөз тапкан, чечендиктин, мыкты ырдай билүүнүн, сүйлөй билүүнүн белгиси, символу катары колдонулат. *Өнөр алды – кызыл тил* (макал). *Өзүнүн кызыл тилин кыябы менен безеп, сөз талашканда алдына жан салбайт* (Нурпе-

исов). *Жетимиштен ашканча, Кызыл тилин безеди* (Тоголок Молдо).

**КЫЗЫЛ ТИЛИ БУУДАЙ КУУРУУ** *к.* **тили буудай куруу.**

**КЫЗЫЛ ТЫТТАЙ КҮБҮЛҮҮ** Кыргынга учуроо, кырылуу, көп өлүү. *Үч мерте кызыл тыттай күбүлүп кырылышты* (Касымбеков).

**КЫЗЫЛ УУК КЫЛУУ** *к.* **кызыл кереге кылуу.**

**КЫЗЫЛ ЧЕКЕ БОЛУУ** Талашып-тартышып, кызандашкан абалга жетүү, катуу урушуп калуу. *Алар менен кызыл чеке болушпай, жөндүү мамиледе болуңуз* (Егиналиев). *Коомдук жерде кызыл чеке болуп, итче тытышып жатышса тим коймок беле, тиешелүү жерге алып барышты* («Чалкан»). *Бул шылдың Аскардын сай сөөгүн сыздатып, чатак кызыл чеке болуп мушташууга чейин ырбады* (Исмаилов).

**КЫЗЫЛ ЧИЕДЕЙ** Кичинекей, өтө жаш, чөбүрөгөн майда, боорун жерден көтөрө элек. *Ал азыр мына бул кызыл чиедей жаш балалуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев). *Эптеп алып кел, Садыке, кызыл чиедей жаш балдар турат* (Бердикеев). *Кызыл чиедей жетим калган биздин тагдырыбыз менен эсептешкилери келбейт экен да!* («Кыргыз Туусу»). **В.: Кызыл чие.** *Биринен бири кичине кызыл чие беш бала көздөрүн бажырайта, улам бири мурдун шуу тартып, ата айткан жомокту кулакка куюп отурушчу* (Сыдыкбеков). *Казак уук матап, кереге көктөп, адал эмгек менен кызыл чие балдарын ырыскысыз калтырчу эмес* (Сыдыкбеков).

**КЫЗЫЛ ЧИЙКИЛ** Кызылдуу агыш (өң, түс жөнүндө). *Бул сөздү уккан Аскаттын кубарган өңү бир паста кызыл чийкил боло түштү* («Ала-Тоо»).

**КЫЗЫЛ ЧОК I** *тар.* Жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы. *Келди да Мамбетти «аттан түшкүн» деди, «Кызыл чок деген мен бир күчмүн» деди* (Турусбеков). *Шертай мындай кызыл чоктон канча адамды сактап калбады* (Бердикеев).

**КЫЗЫЛ ЧОК II** Азап, шор, кыйынчылык. *Кызыл чиедей беш бала менен кызыл чоктун ичинде калдым* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫЗЫЛ ШАПАЛАККА АЛУУ** *к.* **кызыл камчыга алуу.** *Разъездден алыс бир дөңсөөнү айлана берип токтоду да, анан Каранарды кызыл шапалакка алды* (Айтматов).

**КЫЗЫЛ ЭТ** Жаңы төрөлгөн баланы, айбандардын балдарынын жаңы туулган кездегисин, канаттуулардын балапандарынын жүнү чыга электегисин билдирүүдө колдонулат. *Кантип ошо кудайдын жиберген алааматы кызынын мобу кызыл эт болуп турган күнөөсүз перииштедей наристе балдарына келип тийсин* (Абдукаимов). *Кызыл эт кезинде эле комуз менен ушунчалык ынак болгон баланы башка кесипке буруууга болобу?* (Каимов).

**КЫЗЫЛ ЭЭК** Абдан карыган, карылыгы жеткен, оозунда тиши жок (кемпир-чалга карата). *Токтогулдун айрым обон, күүлөрүн кызыл ээк болсо да, таңдана кагазга түшүрүптүр* (Бейшеналиев). *Кызыл ээк кемпир. Кызыл ээк абышка.*

**КЫЗЫЛГА БЕРЕКЕ** Кырман берекелүү болсун, алынган эгин мол болсун деген каалоо маанисин билдирет. – *О, баракелде, жигиттер, кызылга береке болсун!*

**КЫЗЫЛГАТ** Кычкыл, таттуу, майда кызыл жемиши бар өсүмдүк.

**КЫЗЫЛДА** Эгинди бастырып, данын тазалап бөлүү. *Колхозчулар буудайды кызылдап жатышкан.*

**КЫЗЫЛДАЙ** Абдан, аябай. *Ушундай да эр болобу, жыйырма-отуздай киши кызылдай сабап жатса, башы-көзүн жашырып да койгон жок* (Токтогул).

**КЫЗЫЛДАЙ САБОО** Аябай, катуу токмоктоо, кызыл-ала кылуу. *Ушундай дагы эр болобу, жыйырма-отуздай киши кызылдай сабап жатса, башы-көзүн жашырып да койгон жок* (Токтогул). **В.: Кызылдай союу.** *Жиндердин ачуусу аябай келди, ошентип, мени кызылдай соё башташты* («Жомоктор»).

**КЫЗЫЛДОО кызылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗЫЛДУУ** Кызыл жүздүү, кызылы бар. *Жакып сейрек кара мурут, кызылдуу киши* (Бейшеналиев).

**КЫЗЫЛЧА I** Жашылча, тоют катары колдонулуучу же кант чыгаруу максатында иштетилүүчү техникалык өсүмдүк жанаушул өсүмдүктүн кызыл, ак түстөгү тамыры, түбү. *Кызылча казуу кызуу жүрө баштаган учур* («Ала-Тоо») *Кызылчаны көп алып, Эмгегиң менен шаттандың* (Үмөталиев). *Алтын пахта, кант кызылча айдалган* (Калык).

**КЫЗЫЛЧА II** Кызамык, кызамык оорусу. *Быйыл жазга жуук айылды кызылча каптап, жыйырма бир баланы алып кетти* (Жантөшев).

**КЫЗЫЛЧАЧЫ** Кызылча багып өстүрүүчү. *Ар бир кызылчачы адилет иштеген демилгечи болсо, колхозубуз жеңишке ээ болору талашсыз* (Жантөшев). *Кызуулап кылган жумушту, Кызылчачы Зууракан* (Осмонкул).

**КЫЗЫЛЧАЧЫЛЫК** Кызылча өстүрүүчүлүк. *Чүй өрөөнүндө кызылчачылык талаачылыктын алдынкы тармагы болуп саналат.*

**КЫЗЫЛЫ КЫЗЫЛ, АГЫ АК** Татынакай, жакшынакай, бардыгы келишкен (аялга карата айтылат). *Шамбеттин тирүү кезинде Калыйпа кызылы кызыл, агы ак, балкыйган аксаргыл аял эмес беле* (Бердикеев). *«Кайни?! Мендей боз ала абышканы кантип*

*кайним дейт бу кызылы кызыл, агы ак буралган жаш келин?!» деди бир ою...* (Касымбеков).

**КЫЗЫМТАЛ** Чала мас, кызуу. *Отургандар дурус эле кызымтал болуп, тилдери чалына баштаган кезде бай чөнтөгүнөн төрт барак кагазды алып чыкты* (Абдукаримов).

**КЫЗЫР** *миф.* Элдик аңыздарда көбүнчө ак сакалдуу карыя, колдоочу маанисинде колдонулат. *Кызыр чалган кабылан, Кудуретке жалынып, Каарданып жайланап, Зулпукорду байланып* («Манас»).

**КЫЗЫР ДААРУУ** Адамга жакшылык, бакыт, ийгилик алып келүү.

**КЫЗЫРАНДА** Кызандоо, ызаланып ачуусу келүү. *Тамаша иретинде бири-биринин кычыгына тийип, кызырандап алышчу* (Сасыкбаев).

**КЫЗЫРАНДОО** **кызыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЗЫРКАН** Кыжырдануу, жини келүү, туталануу. *Тоотору тулпар ат минип, Кызырканып эр Кыяз Мыктап кирип барды эле* («Сейтек»). *Жоо-жарагын шайланды, Кызырканып кыраан уул, Кыны жок кылыч байланды* («Сейтек»).

**КЫЗЫРКАНУУ** **кызыркан** этишинин кымыл атоочу.

**КЫЗЫРЫҢ** Кубаныч, жакшылык жышаан.

**КЫЗЫТ** **кызы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙ** 1. Кандайдыр бир курал менен кесе чабуу, чаап кесүү; кесип жыгуу (мис., теректи). *Кый десең кармап сойбойбу, төрөм* («Манас» С.О.). *Байлалуу турган аттардын, Чылбырын кыя чапты эми* («Эр Табылды»). *Эсиң болсо тыңдагын, Эмилден таяк кыяйын* («Мендирман»). *Мусабек тирөөч үчүн арча кыйып, аны өгүздөргө артып, кыйналчу күндөрүн жомокточу* (Сасыкбаев). 2. Тууралап, ылайыктап эп келтирүү, эп келтирип жасоо. *Мына Кулукан менен Макеш өз дооруна эп кыйып койгондой жарашыктуу. Канжар кулак каз моюн, Чебер уста кыйгандай* (Токомбаев). 3. Кандайдыр бир нерседен кечүү, аябоо, ыраа көрүү, берүү. *Гулайды эч кимге кыйгысы келген жок* («Адабий Ала-Тоо»). *Үймөлөгөн буудайды, Бизге кыйып салыңыз* («Манас»).

**КЫЙБАТ** *сүйл.* Кымбат.

**КЫЙГА** Кыя өтүү, кыйгач өтүү. *Кыйгап өтүү. Кыйгап аккан суу.*

**КЫЙГАК** 1. Найзанын болот учу. Найзанын уч жагына бекитилген курч миздүү металл бөлүгү. *Кыйгактуу найза, көк түтөк* («Манас» С.О.). 2. Узун ичке жалбырактуу болуп, жалбырагын төмөн карай сыдырса колду тилип кетүүчү чөп өсүмдүгү. *Шарип бир тал болгон кыйгак чөптү жулуп алды* (Бейшеналиев). 3. *өт.* Уу, уулантуучу, мас кылуучу. *Кымызга кыйгак кошуңар* («Манас» С.О.).

**КЫЙГАК БОЛУУ** Жукаруу, жешилүү. *Кышында карды тептирип, Кыйгак болду туягым* (Тоголок Молдо).

**КЫЙГАКТУУ** 1. Кыйгак чөбү бар, кыйгак чөп өскөн (мис., жер). 2. Эки миздүү, кырдуу, өткүр, курч. *Кыраан Сыргак ачынып, Кыйгактуу найза жапырып, Кырдан чыкты айкырып* («Манас»).

**КЫЙГАС** 1. Дал, так, тегиз. *Менин билишимче, балдар кыйгас кымыздын үстүндө* (Таштемиров). *Калың эл толкун болсо эч ким тыйбас, кез экен наразылык толгон кыйгас* (Токомбаев). *Эгиниңердин баары да кыйгас быштты* (Баялинов). 2. Түп көтөрө, бардыгы. *Кыйгас баары аттанып, Амандашып жөнөштү* («Эл адабияты»).

**КЫЙГАЧ I** Кыйшык, түз эмес, бир жакка оогон. *Кээсинин оозунда кыйгач тиштелген папирос* («Ала-Тоо»). *Кыр мурундуу, кызыл көз, Кыйгач каштуу, заар сөз* («Манас»).

**КЫЙГАЧ II** **кыйгас** менен бирдей.

**КЫЙГАЧТА** 1. Түз эмес, кыйгач басуу, жүрүү, бир жагына кыйшаюу, кыйгач абалда болуу. *Кыйгачтап качкан көркоону, Кысып жутсун жарларым* (Маликов). *Алтынчы Шахтадагы лебедка мунаралардын көлөкөлөрү күн чыгышты көздөй кыйгачтап калган* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Сыртын салуу, алыстоо, тескериленүү, жактырбоо. *Демейде кыйгачтаган Ира Шариптин жанына келди* (Бейшеналиев). *Караанын көрүп жарчанын, Кыйгачтайт күлүк кошкуруп* (Кулумбаев).

**КЫЙГАЧТАН** **кыйгачта** этишинин өздүк мамилеси.

**КЫЙГАЧТАТ** **кыйгачта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙГАЧТОО** **кыйгачта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙГОО** **кыйга** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙГЫЛ** Кычкыл. *Кымыз деген кыйгыл аш* («Манас»). *Кымыз ичпес Элеман, Кыйгыл сууга зар болуп* («Эр Төштүк»).

**КЫЙГЫЛЫ ЧЫЧКЫЛЫК БОЛУУ** Айласы кетүү, амалы түгөнгөн, шаштысы кеткен абалда болуу. *Ошондо тим эле кыйгылыгыбыз чычкылык болду* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫЙДАМ** Шарт, ылайыгы. *Кыйдамы келсе турабы, Кыянаттуу эр киши* («Эл адабияты»).

**КЫЙДЫ** Кексе, куу, митаам, айлакер. *Кыйдыга азаматым ишенбегин, Канчалык турса дагы сени жайкап* (Маликов).

**КЫЙДЫЛАН** Кыйдылык менен аракет кылуу, митаамдануу. *Мен кыйдыланып,.. суроо бердим.*

**КЫЙДЫЛАНУУ** **кыйдылан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙДЫЛЫК** Кекселик, митаамдык, айлакердик. *Кыйдылыгы жагынан бир кишичелик бар* (Сасыкбаев).

**КЫЙДЫР кый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙК** Тамак кысылганда же айрым суу куштары тарабынан чыгарылуучу өтө катуу эмес, назик кыска дабыш.

**КЫЙКАЙ** Өтө арык болуу. *Ургаачынын ыргайдай кыйкайганы деле жакшы эмес* (Бейшеналиев).

**КЫЙКАҢ: кыйкаң-кыйкаң этүү** Кыйкаңдоо.

**КЫЙКАНДА** Илмендеген кыймылда, көрүнүштө болуу (арык, начар дене жөнүндө).

**КЫЙКАНДОО кыйкаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙКАС кыйгас** менен бирдей.

**КЫЙКУУ** 1. Кээ бир канаттуулардын (мис., каркыра) чыгарган үнүн, добушун билдирген сөз, ошол сыяктуу чыккан уу-чуу. *Келгин куштар кыйкуу салат таңыркап* (Токомбаев). 2. *өт.* Чуу, чатак. *Турнадан башчы койсоң, Кыйкуу кетпейт башыңдан* (макал).

**КЫЙКУУЛА** 1. Кыйкуу салуу. 2. Кыйкырып канаттууларды үркүтүү, учуруп жиберүү үчүн кыйкыруу.

**КЫЙКУУЛОО кыйкуула** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙКЫЛДА** Кыйк-чыйк эткен дабыш чыгаруу (мис., тамак кысылганда). *Жөтөл кетпейт кыйкылдап, Өңгөчүң тынбай чыйкылдап* (Шүкүрбеков).

**КЫЙКЫЛДАТ кыйкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙКЫМ** 1. Кесинди, өөн, кыйык (кездеменин, булгаарынын, кагаздын ж.б.). 2. *өт.* Кемчилик, шылтоо. *Начальник карамагындагы кызматчыны жактыргысы келбесе, андан кыйкым таппай койбойт* (Каимов).

**КЫЙКЫМ ТАБУУ** Болбогон жерден кемчилик таап, аны шылтоолоп күнөө коюу. *Кемпирдин мамилесинен, тамак беришинен кыйкым табат* (Осмоналиев). *Кара Санька кудай ургандай тажаал неме, кыйкым таап акыны кемите берет* (Абдукаримов).

**КЫЙКЫМДА** 1. Кесинди, өөндөрдү талдоо. 2. *өт.* Кемчилик, шылтоо издөө, шылтоо табуу.

**КЫЙКЫМДОО кыйкымда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙКЫМДУУ** 1. Кесиндиси көп, өөндүү. 2. *өт.* Кыйкымы бар, жок жерден шылтоо кылган, чатагы, кемтиги бар. *Сөзүнүн жыты куйкумдуу, Сөкпөсө да кыйкымдуу* («Ала-Тоо»).

**КЫЙКЫМЧЫЛ** Бирөөнүн артынан кемчилик, кыйкым издеген, болор болбоско тийишип, шылтоо издеген (кишиге карата). *Кыйкымчыл киши.*

**КЫЙКЫР** Катуу үн чыгаруу, бакыруу. *Ашыр анда-санда кыйкырып коюп келе жатат эле* (Сасыкбаев). *Жапек үнүн аскерлердин бардыгына жеткирүү үчүн кыйкыра сүйлөдү* (Жантөшев).

**КЫЙКЫРТ кыйкыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙКЫРУУ кыйкыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙКЫРЧААК** Көп кыйкыруучу, кыйкыра берүүчү.

**КЫЙКЫРЫК** Катуу чыккан үн, добуш, бакырык, өкүрүк. *Баш аламан качкан эл Турдубектин кыйкырыгынан улам токтой калышты* (Жантөшев). *Биздин аңгемебизди паровоздун кыйкырыгы бөлдү* (Сасыкбаев). *Алыстан короздордун кыйкырыгы угулат* (Шүкүрбеков).

**КЫЙКЫРЫШ кыйкыр** этишинин кош мамилеси.

**КЫЙЛА** Далай, бир топ, көп. *Түндүн кыйла мезгили болуп калган экен* (Сасыкбаев). *Самтыркандын артынан кыйла шылдың сөздөр айтышты* (Байтемиров). *Чогулушта бир кыйла маселелер оңунан чечилди* («Кут билим»).

**КЫЙМА I** Туюк шишип чыгуучу жара, шишик. *Колуна кыйма чыгыптыр.*

**КЫЙМА II** Кыйылган, кыйылып жасалган, кыйылгандай. *Кара чепкен кыйма тон, Кийген Током келген беймʼ?* (Токтогул). *Кылычың боосу кыйма боз* (Тоголок Молдо).

**КЫЙМА-ЧИЙМЕ** Ийме-чийме, ары-бери кесип өтүшкөн, чатышкан. *Жол бою аркы-терки, кыйма-чийме, Уюгун кумурсканын ойго салат* (Шүкүрбеков).

**КЫЙМАЛА** Өтө майда кылып тууроо, тилке-тилке кылып кесүү, кескилөө. *Топурагын алдырдым, Чоң челекке чалдырдым, Уй, эчки жүнүн кыймалап, Ал баткакка салдырдым* («Манас»).

**КЫЙМАЛОО кыймала** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙМЫЛ** 1. Кандайдыр бир ишти иштөө максатында кылынган аракет, аракет болуп турган абал. *Жаштардын бүгүнкү кыймылы дегеле жандуу. Курт-кумурска да чээнден чыгып кыймылга келди* (Убукеев). *Моторлорго от берилип, дөңгөлөктөр кыймылга келди* (Убукеев). *Таңкы зарядка ойногон кара тоголок жаш балдардын кыймылы Айшага абдан жакты* (Абдумомунов). 2. Белгилүү бир максатты көздөгөн коомдук иш, аракет. *«Жаштар кыймылы» коому учурдун талабына ылайык иш алып барууда* («Кыргыз Туусу»).

**КЫЙМЫЛДА** Кыймылга келүү, аракетке келүү, козголуу, аракеттенүү, иштөө. *Берди сүйлөшмөк тургай, кыймылдаган жок* (Жантөшев). *Бектурдун эриндери кыймылдап, бир нерсе айткандай болду* («Ала-Тоо»). *Тыкан, шамдагай кыймылдаган мугалим бат эле элге аралашып кетти* («Кырчын»).

**КЫЙМЫЛДАТ кыймылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙМЫЛДАТКЫЧ** 1. Энергиянын кандайдыр бир түрүн механикалык энергияга (күч, кыймыл энергиясына) айландыруучу машина, бир нерсени кыймылдатуучу, кыймылга, аракетке келтирүүчү машина. *Тормоздук кыймылдаткыч жасалгасы ишке киргизилди* («Кыргыз Туусу»). 2. Кыймылга, аракетке келтирүүчү. *Жаштар коомдун зор кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет* («Шоокум»).

**КЫЙМЫЛДОО кыймылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙМЫЛДУУ** Кыймылга бай, аракеттүү, жандуу. *Булабаев мурдагыдан да тыкан, кыймылдуу болуп калды* (Сасыкбаев).

**КЫЙМЫЛСЫЗ** Кыймылы жок, аракетсиз, тынч, бир калыпта. *Алым терең ойго баткандай кыймылсыз жатты* (Байтемиров).

**КЫЙНА** 1. Уруп, сабап этин, денесин оорутуу, соккуга алуу. *Кыйнасын, эттеримди кескилесин, Өлүмгө башым байлайм, түк айтпаймын* (Шимеев). 2. Кыйын, оор абалга туш келтирүү, азапка салуу, катуу жапа чектирүү, кысмакка алуу. *Кара оокатка жандарын кыйнагандар аманбы?* (Токтогул). *Эзгим келет кара ташты жаш менен, Сен кыйнаган жүрөгүмө чыдабай* (Токомбаев). *Кедейлерди «кой тап» – деп, Кыйнагандан болбогун* (Токтогул). 3. Тынчын алуу, тынчтык бербөө, кыстоо, кысмакка алуу. *Балдары сүт деп ыйлады, Энесин болбой кыйнады* (Тоголок Молдо).

**КЫЙНАЛ кыйна** этишинин туюк мамилеси.

**КЫЙНОО кыйна** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙПЫ** Кыйдылык. *Бул адамдын сыйкысы, Сөзүндө көп кыйпысы* (Тоголок Молдо).

**КЫЙПЫЙ** Кууш, ичке көрүнүү (көз жөнүндө).

**КЫЙПЫЛДА кыйпычыкта** менен бирдей.

**КЫЙПЫЛЫКТА кыйпычыкта** менен бирдей.

**КЫЙПЫЧЫКТА** Чыдамсызданып тынчы кетүү, тынчсызданып бир жерге тура албоо, чебеленүү. *Шарип Сапардын тыяк-быягына чыгып, кыйпычыктап, көп нерселерди уккусу келди* (Бейшеналиев). *Канай нарыбери кыйпычыктап басып туруп, Искендердин эсеп китебин меники деп талаша кетти* (Таштемиров).

**КЫЙПЫЧЫКТОО кыйпычыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙРА** 1. Сынуу, талкалануу. *Соотко тийген найзасы Сексен бөлөк кыйрады* («Манас»). *Кээде тирөөч сынып, вагонеткалар кыйраган күндөр болгон* (Сасыкбаев). 2. Бүлүнүү, бузулуу, кулап түшүү, жок болуу. *Кыйраганды сонун кылып тургузуп, Жаңы гигант жасап кирдик жомоктой* (Токомбаев). *Немецтердин бир штабы кыйрады* (Үмөталиев).

**КЫЙРАЙ** Бир жагына ооп, кыйшайып калуу. *Тигил жаман кара үйдүн каалгасы бир жагына кыйрайып турат.*

**КЫЙРАНДА** Бир жагына оой кыймылдоо, басуу. *Керим кыйраңдап, жамбашына күч келтире басып бара жатат.*

**КЫЙРАНДАТ кыйраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙРАНДОО кыйраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙРАТ кыйра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙРАТКЫЧ** 1. Кыйратуучу, бузуучу, талкалоочу. 2. Катуу сокку берүүчү, жок кылуучу.

**КЫЙРАТТАН** Кыйырынан, тегеректен, тегерек-чекеден, жака белден. *Кыйырмандын кырк текек Кыйраттан атчы сынайын* («Эл адабияты»).

**КЫЙРАЮУ кыйрай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙРОО кыйра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙРЫ I кыйыр** менен бирдей.

**КЫЙРЫ II** Учуру, мезгили, убагы. *Кыйрында калың жоолордун Кыйынын атаң чапчу эле* (Маликов). *Ар нерсе өз кыйры менен өтө берет тура* («Ала-Тоо»).

**КЫЙРЫСЫНАН УРГАНДАЙ** Бир четинен кыйрагандай, катары менен таптакыр талкалагандай, таш талканы чыккандай. *Жеке гана чычырканагы эмес, башка жыгачтары да кыйрысынан ургандай кыйылып жатат* («Чалкан»). *Бадалдын арасында өңүп жаткан кызылдар тобу басмачылар кыядан эңкее бергенде кыйрысынан ургандай кылды* (Осмоналиев). **В.: Кыйырынан тийгендей.** *Кыйырынан тийген немедей, Кырк чоро каран калганбы* («Манас»).

**КЫЙСЫПЫР ТҮШҮҮ** Эмне кылаарын билбей алдастап, шашып калуу. *Эчтемени биле элек эмчек ээмп үлгүрө албай жаткан бала менен Толгонайды көрүп, кыйсыпыр түшүп калышты* (Абдукаимов). *Кыйсыпыр түшкөн көрүнөт.*

**КЫЙТ ЭТҮҮ** Тырчып калуу, кичине таарына түшүү. *Кыйт этип калган го, сөз сүйлөбөй койду* («Ала-Тоо»). **В.: Кыйт дей түшүү.** *Кичине кыз, калыбы, кыйт дей түштүң го, ээ* (Маликов). *Карыганда киши жаш баладай болуп заматта эле кыйт дей түшөт экен* («Ала-Тоо»).

**КЫЙТУУ** Бүркүттү үндөгөндө, чакырууда колдонулуучу сөз.

**КЫЙТУУЛА** «Кыйтуу-кыйтуу» деген үн чыгарып, бүркүттү чакыруу.

**КЫЙТУУЛОО кыйтуула** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙТЫЙ** 1. Тымызын, билгизбей алдыртадан байкоо, аракет кылуу. *Чал келинди жашсынтты, теңине албагансып, кый-тыйып сакалынын чаташын чыгарып, айры-*

*сын таянып бир аз карап турду* (Убукеев). 2. Капа боло түшүү. *Алда кемпир ай, кыйт эте электе кыйтыйып, таарынып калмай адатың бар* (Турсунов).

**КЫЙТЫҢ-МЫЙТЫҢЫ ЖОК** Өйдө-ылдый, андай-мындай эч нерсеси жок, түз, туура жүргөн. *Кыйтың-мыйтыңы жок, улууну урматтайт, айтканды аткарат, түшүнөт* (Тойбаев).

**КЫЙТЫҢДА** Майдалап басуу. *Жалгыз аяк жолдо чубата баскан койлордун кээси кыйтыңдап жорголоп баратса, Динар алардан көзүн албай кубана карайт* (Сыдыкбеков).

**КЫЙТЫҢДОО кыйтыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙТЫҢКЫ** *диал.* Бир аз кыйтыйып таарынгансыгандык.

**КЫЙТЫЮУ кыйтый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙЧ** Эшик, терезе ачылганда же оор нерсени ордунан жылдырганда сүрүлүүдөн чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Эшик кыйч этип ачылды* (Абдукаримов). *Батыш түн ичинде эшик кыйч этсе селт этип тура калат* (Байтемиров).

**КЫЙЧАЛЫШ** Кыйгач, түз эмес. *Кыбы-раган түк жан жок, Кыйчалыш өтүп кеттиби* («САЖИ»).

**КЫЙЧАЛЫШТА** 1. Кыйгачтоо, түз абалда болбоо. *Кыйчалыштап жол басып, Кыз күйөөдөн жат болду* (Осмонкул). 2. *өт.* Онунан чыкпоо, ойдогудай болбоо. *Ишим кыйчалыштап турат.*

**КЫЙЧАЛЫШТУУ** Кыйчалышы бар, түз эмес.

**КЫЙЧЫЛДА** Кыйч эткен дабыш чыгаруу. *Эски каалга ачкан сайын кыйчылдайт.*

**КЫЙЧЫЛДАТ кыйчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙЧЫЛДОО кыйчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙШАЙ** Бир жагына оой баштоо, жантаюу. *Мамбеткул супанын үстүнө кыйшайып жатты* (Каимов). *Түш кыйшая бергенде базарчылардын алды тарай баштады* (Жантөшев).

**КЫЙШАЙТ кыйшай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙШАКТА** 1. Токтоо эмес, жеңил мүнөз көрсөтүү, кыйшаңдоо. *Тентек кыйшактаганын коюп, кадимки токтоо кишидей козголбой калды* (Сыдыкбеков). 2. Бир нерсени иштегиси келбей жалкоолонуу, качуу. *Жеңилдеп эле салалычы! – деп Мерген кыйшактаса, Адыл ага көнбөй шаштыра берет* (Сыдыкбеков).

**КЫЙШАКТОО кыйшакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙШАҢ** Жалкоо, тил албас, тежик. *Көмүрчүнүн атындай, Кыйшаң болгон кезегим* (Токтогул). *Кыйык, жалкоо, кыйшаңды Элден кууп ант бердик* (Калык).

**КЫЙШАҢДА** 1. Токтоно албоо, кыйшактоо. *Тегеренип кыйшактап, Токтоно албай шыңкылдап* (Маликов). 2. Кандайдыр бир иштен качуу, четтөө, жалтактоо, жалкоолонуу. *Туура жүрбөй кыйшаңдап, Туугандан алыс чет болот* (Токтогул). *Кыйшаңдаса кыпчактын, Жазасын мыктап берем деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КЫЙШАҢДАТ кыйшаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЙШАҢДОО кыйшаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙШАЮУ кыйшай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙШАЮУСУЗ** Тайбай, түз, тайманбай. *Биз аталардын айткан осуятын кый-шаюусуз орундатышыбыз керек. Бийлик ар бир мыйзамды кыйшаюусуз аткарууну талап кылат* («Агым»).

**КЫЙШЫК** 1. Түз эмес, ийри, бир жагына оодук, бир жагына жантык. *Ээрде бир аз кыйшып олтуруп камчыны солгун таштайт* (Сыдыкбеков). *Ошол төөлөр ичинде, Кыбыланы баштанган Кыйшык өркөч кызыл нар* («Эр Төштүк»). *2. өт.* Туура эмес, ката. *Сабыр директор биздин балдардын кыйшыгын тез көрөт* (Сыдыкбеков).

**КЫЙШЫН** Кандайдыр бир нерсенин, иштин ыгы, ыңгайы, ону. *Сөз кыйшыны келбегендиктен Муслимахун да унчукпады* (Жантөшев).

**КЫЙЫ** Бир нерсени экинчи бир нерсеге кынап эп келтирүү. *Капкара таш кирпичтен кыйып жасалган бул аянт лак менен боёгондой* (Байтемиров).

**КЫЙЫГЫНА КАЛУУ** Каарына калуу, ачуусун келтирүү, жемесине калуу. *Таза, балээлүү ишке кабылгамын го! Мунун кыйыгына калбагай элем!* (Осмоналиев). *Кокусу Куйручук аны элге айтса мен журтка шылдың болом, андан көрө мунун кыйыгына калбай, айтканын орундайын, – деди байдын уулу* (Бектенов). **В.: Кыйыгына тийүү.** *Тигинин кыйыгына тийип албайын деген ой менен аяр сүйлөдү* («Ала-Тоо»). *Мамыт акенин кыйыгына тийбейин дедиби оозун жыйды* (Жусупов). *Милицияга чалып, ушу аялды экинчи кыйыгыма тийгис тартипке чакыртсамбы?* (Бейшеналиев).

**КЫЙЫК I** 1. Нерсенин (мис., кездеменин) кесиндиси. *Ажар болотнайдын кыйыгын мындай таштап койду.* 2. Эки кесиндинин бириктирилген жери. *Кыйыктарды бири-бирине эп келтирип курак курай баштады.* 3. Сөздүн, иштин ыгы, эби, ыңгайы. *Сөздүн кыйыгын келтирип айтты.* 4. *диал.* Кулактын капталынан кыйылып салынган эн. 5. *эск.* Жамбыны байлоочу жип. *Кыраанынды карасаң, Кыйык атып кеткени* («Манас» С.О.). *Кыйык байлап аттырып, Суутуп кулун чаптырып* («Саринжи-Бөкөй»). 6. Бута.

**КЫЙЫК II** Тил албас, кежир. *Кызыктырып кыйыкты, Кыйын жерге жибербе* (Токтогул). *Кыйык, жалкоо, кыйшаңды Элден kyyп ант бердик* (Калык).

**КЫЙЫКТА** Кыйкымдоо, кыйкым табуу, кыйкымдап күнөөлөө. *Болор-болбос ишке такап Адылды кыйыктай баштады.*

**КЫЙЫКТАН** Тил албоо, моюн сунбоо, макул болбоо, кежирленүү. *Кызмат десе көп үчүн, Кыйыктанбай барабыз* (Осмонкул). *Мукаш кыйыктанып жаткан Абдыласка чечкиндүү айтты.*

**КЫЙЫКТАНУУ кыйыктан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙЫКТОО кыйыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙЫКЧА** *диал.* Бир аз калыңыраак кылып кыйгачынан төрт бурчталып кесилип, анан майга бышырылган боорсок сымал нан. *Кыйыкча бышыра сал.*

**КЫЙЫЛ I кый II** этишинин туюк мамилеси.

**КЫЙЫЛ II** Тарткынчыктоо, көңүлсүнбөө. *Мурат ыр чыныны Күлжанга сунду, Күлжан «албайын» деп кыйылды, бирок эл жаалап кеткен соң албаска болбоду* (Байтемиров).

**КЫЙЫЛУУ кыйыл II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙЫН** 1. Оор, татаал. *Кыйын иш бүтпөйт ойлосоң, Жалгыз-жарым аз менен* (Токтогул). 2. Мыкты. *Кырк чоронун кызматы, Кыйын Чубак дагы өлгөн* («Манас»).

**КЫЙЫНДЫК** 1. Оордук, татаал иш, кыйын иш, кыйынчылык. *Кыйындык келсе чыдоого, Кызматың үчүн жаралгам* (Бөкөнбаев). *Күрөш десе билек түрүп качырган, Кыйындыкты жеңмейинче асылган* (Турусбеков). 2. Кыйын экендик, мыктылык. *Деле мунун кыйындыгын кантесиң.*

**КЫЙЫНСЫ кыйынсын** менен бирдей.

**КЫЙЫНСЫН** Мыктысынуу, баатырсынуу, өзүн мыкты көрсөтүүгө тырышуу. *Кыйынсынган Мурадыл Кырданып кетип калганы* («Манас»). *Кыйынсынып кыйкырып, Кырданганың дуруспу* (Осмонкул).

**КЫЙЫНСЫНУУ кыйынсын** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЙЫНЧЫЛЫК** Оорчулук, кыйын иш, оор абал. *Ишенбе көп куру сөзгө, Достук сыналат кыйынчылык кезде* (Борбугулов).

**КЫЙЫП КОЮУ** *аңч.* Алгыр куштардын, бүркүттүн канаты сынганда башка канат улоо, жалгоо.

**КЫЙЫР** 1. Чек, чет, баш-аягы, бүткөн жери, бир чети менен бир чети. *Мына чыгыш сахнасын ачкандай, Кыйыры чексиз, кирсиз асман шаңкайды* (Токомбаев). 2. Мындайыраак, алысыраак, жакын эмес. *Айткулунун кыйыр тууганы Козубек да бар* (Баялинов). *Мендирман менен Кадыр да Кыйыр тууган баласы* («Мендирман»). 3. Тике эмес, түз эмес, туура эмес, каймана. *Кыйыр айтсаң кокустан, Каргадай башың кесебиз* («Эр Табылды»). *Кыздын жүйөлүү жообун Шарип кыйыр сезген* (Бейшеналиев). 4. Имерилиш, чет. *Кыйыр-кыйыр жер менен Кылчайбай, түрбай жол жүрдү* («Манас»).

**КЫЙЫТ** Жамдатуу, бир нерсенин четин чыгарып айтуу. *Сапар бактылуу жаштар жөнүндө кыйытып бир кыйла сөздү ак жаандай себелетип өттү* (Бейшеналиев). *Кыйытсаң кыйын түшүнөт, Кыз-жигиттин асылы* (Маликов).

**КЫЙЫШ I кый II** этишинин кош мамилеси.

**КЫЙЫШ II** Ажырашуу, ажырап кетишүү, бирин бири кыюу, бири-биринен кечип кетүү. *Экөөбүз жан казандан тамак жедик, дос болуп калдык, эми бири-бирибизди кыйышпайбыз* (Токомбаев).

**КЫЙЫШТЫР** 1. Кыноо, бири-бирине эп келиштирүү. *Кымбат сарай, кампаларын салышып, Кыйыштырып кемчилдерин бүтөгөн* (Осмонкул). *Көз тигип, Тейтек талбай уруп жатып, Кыналтып, кыйыштырып жатат шайлап* (Бөкөнбаев). 2. Жемиш бактарынын сортторун жакшыртуу максатында бир бутагын же бүчүрүн экинчи бакка кыюу, кыйып отургузуу. *Алма кыйыштырдык.*

**КЫЙЫШТЫРУУ кыйыштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫК** Малдын көң кылууга, жер семирткич катарында пайдаланууга боло турган майда тезеги. *Жеринин күчүн чыңдоого, Жергелей кыкты төктүргөн* (Осмонкул). *Алмашпайм деп алтынга, Койдун кыгын жыйнадың* (Үмөталиев).

**КЫКТУУ** Кыгы бар, кыгы көп. *Кыктуу жер.*

**КЫПЫЛДА** Тынчсыздануу, тынчы кетүү, кооптонуу. *Кооп кылып булар да, Коркуп жүрөт кыпылдап* (Тоголок Молдо).

**КЫЛ I** 1. Жалдын, куйруктун ж.б. жоонураак келген айрым талы жана алардын жалпы аты. *Кыл чайнап, балбан Тиштээк кайраттанган* (Маликов). *Кыл аркан. Кыл чылбыр.* 2. Жалпы эле жүн, териден түшкөн жүн. *Кийим илгичтеги чапанынын суусун силкип, кыл-сылын тазалап кайрадан илип койдум* (Каимов). *Султаның Табыл унчукпайт, Оң колун карап ыргытып, Бир тутам буурул кыл таштайт* («Эр Табылды»). 3. Музыкалык аспапта (комуз, балалайка ж.б.) тагылуучу ичегиден, сымдан жасалган жипче. *Уч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз* (Осмонов). *Асан карыя комузунун кылын саал чыңап, тээгин жогору жылдырып койду* (Токомбаев).

**КЫЛ II** Эң, өңчөй. *Биздин заман учкул заман – Замандардын кыл алды* (Бөкөнбаев). *Кырк жигитин карачы, Кыл баатырдан кураган* («Курманбек»).

**КЫЛ III** Бир нерсени иштөө, жасоо. *Кыл-*

*ганың киши үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* (макал). *Эгин айдап мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул).

**КЫЛ БУУГАНДАЙ КЫЛУУ** Дароо, тез токтотуу, болтурбай коюу. *А чын-чынында паракорчулуктун алдын кыл буугандай кылууга болот.* **В.: Кыл буугандай тороо.** *Буга чейин эле эчен аттуу-баштуу таланттар, эчен ирет халтуранын алдын кыл буугандай торомок болушкан экен, бирок халтура келатат го, а түгүл гүлдөп атат го* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫЛ ЖУГУЗБОО** 1. Абдан таза кармоо, таза урунуу, таза асыроо. *Атына жараша өзү да, такай боюна жарашыктуу кийинип, үстүнө кыл жугузбай, сакал, мурут, чачпачты ар дайым тегиздетип, галстукту мойнунан түшүрбөй чыкыйып жүрөт* («Ала-Тоо»). 2. Начар жактарын жашырып, аябай мактай берүү, ашыра мактоо, өтө эле көтөрө чалуу. – *Сиз, жолдош башкарма, баарына эле кыл жугузбай актап атасыз, а өрт кандайча чыгат? Билишиңиз керек* (Осмоналиев). **В.: Кыл жукпоо.** *Тасторконуна кыл жукпайт, идиштери жеткилең* (Сыдыкбеков).

**КЫЛ ЖУУГУЧ** Кылдан тоголоктоштуруп жасалган казан жуугуч. *Кулукан жерде жаткан кыл жуугучту керегенин башына кыстарды* (Жантөшев).

**КЫЛ ЖУУГУЧТАЙ** Аябай чатышкан, кирген, чиеленишкен (көбүнчө чачка карата). *Чачы кыл жуугучтай болуп, өзү куйпөйүп жүдөп бүткөн, бул бечаранын көргөн күнүнө кудайдын боору ооругандай* (Өмүрбаев).

**КЫЛ ЖЫЛДЫРБОО** Бирөөгө эч нерсе бербөө, колунан эч нерсе чыгарбоо, өтө зыкымдык, сараңдык кылуу. *Дүнүйөсү ашыпташып жатса да бир туугандарына кыл жылдырбайт* («Ала-Тоо»). *Касымбек менен калпа жыйналган чыгымдын эсебин кыл жылдырбай такташып, камчыга ченеп бөлүү далалатында* (Бейшеналиев). *Сараң бай кыл жылдырбады* (Жантөшев). *Драконовдун өзү менен жолукмайынча кыл жылдырбайм* (Бейшеналиев). **В.: Кыл чыгарбоо.** *Кыл чыгарбас Элеман мал менен жандын баарынан кечип таштады* («Эр Төштүк»).

**КЫЛ КЕТИРБӨӨ** Өткөрүп жибербөө, абдан көңүл бөлүү, дит коюу, байкап сезип калуу.

**КЫЛ КӨПҮРӨ** Кыйын абал, оор ыңгай, татаал кырдаал. *Кадырбек менен Мырзабектин ортосундагы кыл көпүрөдө турганымда, Сабийра, сен жөлөп-таяп алып кеттиң* (Абдукаимов).

**КЫЛ КУЙРУК** 1. Чилдин куйругу учтуу келген түрү. 2. Куйругу учтуу келген жапайы өрдөктүн бир түрү. *Суу кушунан тандалып, Кыл куйрук чыкты камданып* (Тоголок Молдо). 3. Жылкы. *Кыл куйруктун асылдарын миништи* (Калык).

**КЫЛ КУРТ** 1. Жип сыяктуу жумуру узун курт. 2. *өт.* Ичке кирип алып, астыртан, тымызын, билинбей иш бүтүрө берген душман. *Арабызга жүргөн кыл курттун бири Асанбай дегенде эл таң калды* («Ала-Тоо»).

**КЫЛ КЫЙМА** 1. Өтө курч. 2. Аялдар «каман» маанисинде тергеген сөз.

**КЫЛ КЫРКПОО** 1. Эч нерсе жей албай, тамак иче албай калуу же чөп жей албай, оттой албай калуу. *Кыл кыркпай үч күнү төшөктө жатты. Кыл кыркпайт, ылаңдап калса керек.* 2. Абдан мокоо, эч нерсеге өтпөө, кеспөө (балта, чот, бычак ж.б. кесүүчү буюмдарга карата). *Бычактары кыл кыркпайт.*

**КЫЛ КЫЯК** Улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык тартма аспап. *Бирок досум, кыл кыяктай дирилдеп, Кыз-келиндин жүрөгүнө бүткөмүн* (Кулумбаев).

**КЫЛ КЫЯЛ** Ичке назик кылып оймолоо, саймалоо.

**КЫЛ МЕРГЕН** Көзгө атар, өтө мыкты, адис мерген. *Ыбырай тек жайын айтып отурса, өзүнчө узун сабак, атасы кыл мерген, энеси жез оймок, сөзмөр эле* (Ашымбаев).

**КЫЛ МҮЧӨ** Мүчөсү келишкен, эң келишимдүү. *Кыл мүчөсүн караса* («Манас» С.К.).

**КЫЛ-ПЫЛ** Билинер-билинбес. *Ушул чындыкты кыл-пыл көрүп турган жүрөгүм.*

**КЫЛ ТАКЫЯ** Мансапты белгилөө үчүн кылдаттап жасалган кооз топу. *Кыл такыя, кызыл чок* («Манас» С.О.).

**КЫЛ ТАМАК** Тамак-ашты өтө аз ичкен, тамакты ылгап ичкен. *Кыл тамак жигит. Кыл тамак кыз.*

**КЫЛ ТОРКО** Жүндөн токулган жакшы сапаттагы кездеме. *Кыл торко юбка, ак жибектен кофта* (Сыдыкбеков).

**КЫЛ УЧУНДА** *к.* **кылдын кырында.**

**КЫЛ ҮСТҮНДӨ** Өтө оор, кыйын абалда, кейиштүү. *Бул кезде Талгаттын өмүрү кыл үстүндө эле* («Кыргызстан маданияты»). *Бу да ошол кишилердин бири, көңүлү гана эмес, өмүрү кыл үстүндө турган кези* (Касымбеков).

**КЫЛ ЧЫГАРБОО** *к.* **кыл жылдырбоо.**

**КЫЛАА** Жээк, көлдүн жака-бели, чети. *Ысык-Көл кыргыз көлү кылкылдаган, Кызкелин кылаасында шыңкылдаган* (Осмонов). *Кылаасында кызыл алма жайнаган, Колотунда дары суулар кайнаган* (Токомбаев).

**КЫЛААЛА** Кылаасында жүрүү, жээктей жүрүү. *Төр кыдырып кылаалап, Жылкың өтсө бел менен* (Токомбаев).

**КЫЛААЛАТ кылаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛААЛОО кылаала** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛААН** Сүт, суюк сүт. *Дарымчынын айтканына карата Ашымга кылаан бердире баштады.*

**КЫЛАБДАН** Кын, майда буюм салган булгаары калта, баштык. *Боз кисенин жанында, Булгаарыдан кылабдан. Анын ичи*

*толтура, Тырмак алчу чырабжал* (Чоробаев). *Экинчи көзүнө – түбүнө, өтүгүмдү, анын үстүнө аңчылыкка алып жүргөн булгаары кылабданымды үйдө пайдаланган чарапжалымды сал, анын чаарчыктын толубу бар го, ошого толтура көмөч нанды бастырып үстүнө коюп кой* (Абакиров). *Булгаарыдан кылабдан Анын ичи толтура* («Эл адабияты»).

**КЫЛАЙ** 1. Кылтыйып көрүнүү, чети кичине көрүнүү. *Кубултуп, күн кылайып нур чачканда* (Турусбеков). 2. Кичинекей, тыптырмактай. *Кың эткен чымын, кылайган жыт жок* (Убукеев).

**КЫЛАЙТ кылай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛАК: кылак этүү** Булактоо, булак-булак эткен көрүнүштө болуу, кыландоо. *Шарип Иранын кылак этип бурулуп кеткенин гана көрүп калды* (Бейшеналиев). *Кылак-кылак этип ак жибек көйнөгүнүн этеги делбирттейт* (Сыдыкбеков).

**КЫЛАКТА** Кыландоо, кылак-кылак эткен көрүнүштө болуу. *Кылактап качкан түлкүнү, Кылт эттирбей жайладың* (Токтогул). *Бир маалда бели кындай ак көйнөк кийип, кылактаган кыздын карааны көрүндү* (Каимов).

**КЫЛАКТАТ кылакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛАКТОО кылакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛАМЫК** Жука, анча калың эмес (көбүнчө кар жөнүндө). *Ошол түнү кыламык кар жааган* (Каимов). *Мурдагы күнкү кыламык баскан издин дайнын чыгарбай салды* (Жантөшев).

**КЫЛАМЫК КАР** Майда жаап, жука түшкөн кар.

**КЫЛАМЫКТА** Кыламык түшүү. *Бир күнү кыламыктап кар жаайт* (Жантөшев). *Кар кыламыктап, болор-болбос жел жүрөт* (Абдумомунов).

**КЫЛАҢГЫР** Бозомук, акчыл, эптеп эле өңү өзгөргөн (мис., чайга сүт тамызылгандан кийинки өң). *Биз өңдөнгөн томаяктар жалгыз эчкини аркандап коюп, көк кылаңгыр сүт ичип отурчубуз* (Элебаев).

**КЫЛАҢДА** Кылак-кылак этүү, кылактаган, булактаган көрүнүштө болуу. *Карышкырдай кылаңдап, Түлкүдөй куйрук булаңдап* («Манас»). *Ак чабактай кылаңдап, Сууга ойнодуң, келинжан* (Тоголок Молдо).

**КЫЛАҢДАТ кылаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛАҢДОО кылаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛАҢКЫР** *диал.* Түнкү чыкыроондо жер бетине түшкөн болор-болбос бубак. *Нымдуу жерге бир аз кылаңкыр түшүптүр.*

**КЫЛАП** Ык, онтой, эп. *Кароолго карап келтирип, Кылабына жеткирип, Машааны ирмеп ийгени* («Манас»). *Кылабына келгенде, Кырк баатырды жайлаган* (Эл ырлары).

**КЫЛАПАТ** Жаманатты сөз. *Эч кимиң мындай-андай деп артынан кылапат айтпагыла* (Жантөшев). *Балким бирөө «Батишиң мындай, Батишиң андай» деп кылапат айтса, намысы катуу Чаргын ызаланар беле* (Сыдыкбеков).

**КЫЛАРГА ИШИ ЖОК, САЛАРГА КУШУ ЖОК** Ишсиз, бекер, иштебей жүргөн. *Жүрөк өйүп, тынчтык бербеген бул ойлорду кыларга ишим жок, саларга кушум жоктугунан айткан эмесмин* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫЛАЮУ кылай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛБАГАН САНАТТЫ КЫЛУУ** Аябай кордоо, запкы көрсөтүү, маскаралоо. *Каныбек Айдарбек датка кылбаган санатты кылып, Ак жал деген күлүк атын минип качат* (Жантөшев). **В.: Кылбаганды кылуу.** *Аялы байкушка жаш кезинде кылбаганды кылды* («Ала-Тоо»).

**КЫЛБАТ** Этият, кылдат, ээн, кишиден жашырын. *Алар өтө кылбат жерге орношкон, кызылдар аларды көрбөйт* (Жантөшев). *Өзүн өзү тарбиялай албаган, турмуш тарбиялай албаган адамды тарбиялайм деп убара болбо. Андай адамдардан кылбат бол* (Сактанов).

**КЫЛБАТТАН** Оолак, бекем.

**КЫЛГЫЙМА** Билмексен болуп жүрүп бирөөгө жамандык издеген киши. *«Кылгыйма», «кыян кески» бир макалда, Экөө тең текши жүрөт бир катарда* (Тоголок Молдо).

**КЫЛГЫЛЫК** Жамандык иш, кыянат иш, астыртан иштелген иш. *Кылгылыктын баарысын ошол жерде кылалык* («Семетей»). *Кылгылыкты өзү кылып тымпыйып, «Күнөкөрдү тапкыла» деп өтүнөт* (Токомбаев).

**КЫЛГЫЛЫКТЫ КЫЛЫП, КЫЛ ЖИП МЕНЕН БУУП КОЮУ** Астыртан, тымызын бирөөгө жамандык кылуу, кыянаттык кылып коюп билмексен болуп жүрө берүү. *Ыя, кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен буулп коюп, эми ырсайып, мыскылдап, тиктеп турасыңбы?!* (Касымбеков). – *Ачуусун кара, жаман жоошутун чакыраңдап! Кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп...* (Акматов). **В.: Кылаарын кылып, кыл жип менен буу.** *Мына кылаарын кылып, кыл жип менен бууп, билмексендикке салып, четке суурулуп чыга беришти. Кылаарын кылып, кыл жип менен бууп таштап, сарсанаа басып отурат* (Егиналиев). **Кылгылыкты кылуу.** *«Э! Ушу оңбогон боз маңка кылган экен кылгылыкты!...» деди ичинен Ныязалы* (Касымбеков).

**КЫЛГЫР** 1. Сорпонун же тамактын үстүнө аз гана жылтырап май чыгып туруу. *Сорпонун майы кылгырып турат.* 2. Майлуу тамак жегенде май кекирүү, май кулгуу. *Май кылгыра түштүм, Чаке* (Сыдыкбеков). 3.

Көздөн тегеренип аз гана жаш чыгуу. *Бекботонун көзүнөн жаш кылгыра түштү* (Каимов). *Чалдын оозун тиктеп, кейип олтурган Токтогулдун жашы кылгырып, солуп-солуп алды* (Токомбаев).

**КЫЛГЫРМА** Жоодураган, сүйкүмдүү. *Кылгырма көз.*

**КЫЛГЫРТ кылгыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛГЫРУУ кылгыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛГЫРЫП КАРОО** Көзүн жоодуратып, жашылдантып сүйкүмдүү тиктөө, кароо.

**КЫЛДА I: кылда башында** (кылда учунда, кылда чокусунда) Эң башында, эң чокусунда. *Уста газетанын кылда учундагы эң чоң тамгаларга көзүн жабыштырды* (Бейшеналиев). *Ак бараңдан, беш атардан аткан менен – Эзелден кылда учуна ок жетпеген* (Үмөталиев). *Ай тоолордун үстүнө келди салаңдап, жарыгы муздак мунарыктап, мөңгүлүү чокунун кылда чокусунда турду* (Айтматов). *Тоо боорун түбөлүккө мекен кылган карагайлардын кылда учтары сакалдары самсаалаган булуттарды тешип өттү* (Жангазиев).

**КЫЛДА II** Жүндүн кылын терип таштоо. *Тыбыт кылдап жаткандан, отоолорун чапканмын* (Токомбаев). *Кийизин аппак кылдаган.*

**КЫЛДАЙ** 1. Ичке, абдан ичке. *Кылдай сым.* 2. Кичинекей, тырмактай, кенедей. *Кызыл тилин сайратып, Кылдай арман калган жок* (Тоголок Молдо).

**КЫЛДАЙ ЖАКПОО** Такыр жакпай калуу, эч нерсеси туура келбөө, такыр төп келбөө. *Көңүлүнө кылдай жакпай калган жоруктары үчүн Кожон иттерин адамды сөккөндөй шылып сөгөт* (Абдыраманов).

**КЫЛДАЙ КАРА САНАБОО** Бирөөгө эч качан жамандык ойлобоо, жаманчылык кылбоо. *– Ата-энемдин арбагын сыйлаган ак байбичеге кылдай кара санаба, катын! – дейт ал коркуп, үңкүйүп Зууреканга* (Сыдыкбеков). **В.: Кылына кара санабоо.** *Бирөөнүн кылына кара санабаган ал кишини мен билемин, – деди* («Ала-Тоо»). **Кылча кара санабоо.** *Бирөөгө кылча кара санабаган бечара, – деп ичинен аны аяды* (Ашымбаев).

**КЫЛДАЙ КЫЙКЫМ ЖОК** Эч күнөөсүз, айыпсыз, таза, аруу. *Ашырбай өзүндө кылдай кыйкым жок экенин, күнөөнүн баарысы тең Керим менен Кундузда экенин кайра-кайра айтып келет* (Акматов).

**КЫЛДАН КЫЙКЫМ ТАБУУ** Болбогон жерден күнөө коюу, жок жерден кемчилик табуу, эч негизсиз эле күнөө коюу, чыр чыгаруу, же айыптоо. *Кийинчерээк кылдан кыйкым таап, «уйкучу» деп шылтоолоп, кышында жылаңайлак төркүнүнө жөнөтөт* (Көчкөнов). *Үйүнөн келини кеткенден бери Орозбай жылкычысына оң карабай, кылдан кыйкым таап кордогондун үстүндө* (Өгөбаев). *Кылдан кыйкым таап урушуп турсаң, үйдө кайсы береке болсун* (Бердикеев). **В.: Кылдан кынтык табуу.** *Кийин кайненесинин катаалдыгы күчөгөндөн күчөп, «кылдан кынтык таап» дегендей, каран күн башына түшкөн учурда ага жан тартчу болду* (Медетов). **Кылдай жерден кыйкым табуу.** *Кылдай жерден кыйкым таап, обу жок корсулдаганына караганда эптеп эле Сылыйды кетирүү максатын көздөгөнсүйт* (Исмаилов). **Кылдан кыйкым чыгаруу.** *– Кылдан кыйкым чыгарып коңшу урууну барымталап талаганды оңой көрүшөт* (Касымбеков). **Кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издөө.** *Эң жакшысы кылдан кыйкым, жумурткадан кыр издеген душмандарыңыздын ушак-айың кебинен калас болосуз – бул ушул тапта ашкере зарыл* (Касымбеков).

**КЫЛДАН КЫЯ БАСТЫРБОО** Жөнү жок жерден күнөө коюу, кылт эттирбей күнөөлөй берүү, эч мүмкүнчүлүк бербөө, кыңк дегизбөө. *Кылдан кыя бастырбай күнүгө уруша берип жадатып жиберди* («Ала-Тоо»). *Бийиңердин өлгөн баласын биз өлтүргөнсүп кылдан кыя бастырбайсыңар* («Ала-Тоо»).

**КЫЛДАТ I** Чебер, этият. *Өз ишине кылдат карап барк кылган, Кызылчанын мол түшүмүн арттырган* (Осмонкул). *Омордун ар кыймылын кылдат байкап шук олтурду.*

**КЫЛДАТ II кылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛДАТКЕР** *сүйл.* Чебер, кылдат адам. *Элемандын эркеси, Мойнуна тумар тактырып, Кылдаткерге бактырып* («Эр Төштүк»).

**КЫЛДАТТА** Чеберчилик менен, этияттык менен иштөө. *Бир сөздү ортосунан талаш кылып, Кылдаттап бирди миңге майдалаган* (Осмонов).

**КЫЛДАТТОО кылдатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛДАТТЫК** Чеберчилик, устаттык, этияттык. *Салык өзүнүн ишин кылдаттык менен жүргүздү* (Каимов).

**КЫЛДАШ кылда** этишинин кош мамилеси.

**КЫЛДОО** 1. **кылда** этишинин кыймыл атоочу. 2. Тоскуч. *Арылбаган чуусу аягында кылдоосу* (Молдо Кылыч).

**КЫЛДЫН КЫРЫНДА** Өтө кыйын, кысталыш абалда, кейиштүү, кыйын учурда. *Күрүчбекке жер тартып, кылдын кырында турат* (Осмоналиев). **В.: Кылдын учунда.** *Эл тагдыры кылдын учунда турганда жанбактылардын кесири тийеби деп чочулаган бий* (Каимов). *Сабынан мына-мына үзүлүп түшчү немедей илдиреген уулунун өмүрү кыл учунда экенин сезген* (Кушбаков).

**КЫЛДЫР I кыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛДЫР II: кылдыр-кылдыр** Арабанын

же башка бир нерсенин акырын калдыраган дабышы. *Бир кезде арт жактан кылдыр-кылдыр эткен арабанын үнү чыкты* (Баялинов).

**КЫЛДЫРА** 1. Кылдыраган, кылдыр-кылдыр эткен дабыш, үн чыгуу. 2. *өт.* Өтө акырын жүрүү, илкип жүрүү. *Арымы жок кылдыраган араба, Араң сүйрөп сүйрөлүп, Нечен күндө жеткенбиз* (Элебаев).

**КЫЛДЫРАТ кылдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛДЫРЛА кылдыра** менен бирдей.

**КЫЛДЫРОО кылдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛДЫРООЧ** Боз үйдүн сыртына канат чийи менен керегеси аркылуу тегерете жабылган буюм. *Кыдырата карадым, Кылдыроочу кооз экен. Үзүк этегинде кырка тартылган төтөгө кылдыроочу* (Жантөшев).

**КЫЛДЫРТ: кылдырт-кылдырт** Кылдыр-кылдыр эткен, кылдыраган кыска дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**КЫЛДЫРТТА** Кылдырт-кылдырт эткен, кылдыраган дабыш чыгаруу. *Терезе дагы кылдырттады* («Ала-Тоо»).

**КЫЛДЫРТТАТ кылдыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛДЫРТТОО кылдыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛДЫРЫК** Ичке, майда сөөк.

**КЫЛЖАЛАКТА кылжында** менен бирдей.

**КЫЛЖЫЙ** 1. Башын бир жагына кыйшайтуу, башын салаңдатуу, башын жерге салуу (мис., чарчап-чаалыкканда). *Кылжыйып отурат.* 2. Өтө арыктоо, кыржыюу. *Кылжыйган арык киши.*

**КЫЛЖЫЙТ кылжый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЖЫҢ: кылжың-кылжың этүү** Кылжыңдап, бир орунда турбай шылкылдоо. *Ашыр бир орунга тура албай кылжың-кылжың этип жете келди.*

**КЫЛЖЫҢДА** 1. Кылжың-кылжың этүү, шылкылдоо, мас абалда болуу. *Кылжыңдап келет бир күнү, Шляпасы бүктөлүп* (Шүкүрбеков). 2. Калжактоо, түз сүйлөбөө.

**КЫЛЖЫҢДОО кылжыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЖЫР** Мойну кыйшык, мойну кылжыйган.

**КЫЛЖЫЮУ кылжый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛК: кылк-кылк этүү** 1. Суюк нерсени (мис., сууну) акырындан бөлө-бөлө жут-кандагыдай көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат. *Алексей Александрович булактын көзүнөн кочуштап суу сузуп алып, аны кылк-кылк эттирип жутуп жиберди* (Таштемиров). 2. Көп болуп, кылкылдап туруу, теңселген, көз кайкыткан абалда болуу. *Эл кылк-кылк этип турат.*

**КЫЛКА** Катар, тегиз, текши. *Адыл тигил шымаланып иштешкен өңчөй бир кылка окуучуларга кубанып карайт* (Сыдыкбеков). *Шаңдуу кызыл жигиттер, Кылка-кылка саптары* (Маликов).

**КЫЛКАН** 1. Арпа, буудай сыяктуу өсүмдүктөрдүн башындагы узун ичке тикенекчелер. *Сейрек муруту арпанын кылканындай тикеленди* (Жантөшев). 2. Балыктын майда, ичке сөөкчөлөрү.

**КЫЛКАНДУУ** Кылканы бар, кылканы көп. *Кылкандуу дан эгиндери.*

**КЫЛКАНСЫЗ** Кылканы жок. *Кылкансыз эгиндер.*

**КЫЛКЫЙ** Көзүнүн асты менен тымызын кароо, кылыя кароо. *Кылкыйып ал астыртан көз жүгүрттү.*

**КЫЛКЫЙТ кылкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛКЫЛДА** 1. Бир калыпта акырындап жай жылуу. *Күн кылкылдап батып бара жатат* (Жантөшев). 2. Баштары бир кылка келип, текши толукшуп өтө көп болуп көрүнүү. *Темир канат жаштар барат, Бир четинде кылкылдап* (Нуркамал). *Эр жигит эрте аттанып, алыс кетет, Ок учуп, ат кошкуруп, туу кылкылдап* (Осмонов).

**КЫЛКЫЛДАТ кылкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛКЫЛДОО кылкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛКЫЮУ кылкый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛМЫЙ** 1. Кылтыйгандай, уялыңкырагандай, оюн чыгарбай ичине сактагандай көрүнүштө болуу. *Кыз кылмыйып салаалары ушалайт* («Ала-Тоо»). 2. Илмийген, арык кебетеде болуу.

**КЫЛМЫШ** Мыйзамга каршы иштелген иш, терс иш, күнөө, айып. *Бул каргаша боюнча кылмыш иши козголду. Силерчесинен көз көрүнөө качуу кылмыш болбойт экен го* (Жантөшев).

**КЫЛМЫШКЕР** Күнөөкөр, күнөөсү бар, айыпкер. *Бермет сөзүн тамашага чалды: – Мөмөлөрдү кемирип жүргөн кылмышкер өзүң болсоң керек* (Сыдыкбеков). *Корко тургандай кылмышкер эмесмин* («Ала-Тоо»).

**КЫЛМЫШТУУ** Кылмышы бар, күнөөлүү, күнөөсү бар. *Ушакчылар да кылмыштуу болору эсиңизде болсун* (Каимов). *Чоң эне кылмыштуу карады* (Сыдыкбеков).

**КЫЛМЫЮУ кылмый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛОО I** 1. Музоо, торпоктордун тилинде болуучу оору. 2. Жаңы туулган музоолорду ырымдаганда айтылуучу ыр. *Кылоо-кылоо торпогум, Алдыга барсаң бөрү жейт, Артта калсаң ууру алат.*

**КЫЛОО II** Бычактын, кылычтын ж.б. курчутулган, бирок бүлөнө элек мизи. *Кан-жарымдын мизинин кылоосу да түшкөн* (Сыдыкбеков).

**КЫЛООСУ ТҮШӨ ЭЛЕК** Аркы-беркини көрүп кагыла элек, өсүп жетиле элек, өтө жаш. *Мына бу турган кырк чоро Кылоосу түшүп бүтө элек, Эрдигин сынап көрсөм дейм* («Семетей»).

**КЫЛТ** Кыймыл-аракеттин, көрүнүштүн ж.б. дароо, өтө тез болгондугун билдирүүдө колдонулат. *Кылактап качкан түлкүнү, Кылт эттирбей жайладың* (Токтогул).

**КЫЛТ ДЕЙ ТҮШҮҮ** Эсине келе калуу, оюна түшө калуу, эстей коюу. *Падышанын кыял-жоругу эсине кылт дей түшкөндө, анын жука эриндери өзөргөн кишиникиндей араң кыбырап, өзүнчө шыбыраган* (Мавлянов). *Кадыркулдун оюна бир нерсе кылт дей түштү* (Каимов).

**КЫЛТ КОЮУ** *к.* **жылт берүү.** *Жумушум бар эле деп бир жакка кылт койду* («Ала-Тоо»). *Кылт коюп кетип калыптыр, таппай калды* («Ала-Тоо»).

**КЫЛТ ЭТИП КОЮУ** 1. Бир аз ичүү, кичине ууртап коюу. *Муздак суудан суусап келе жатып кылт этип койдум эле, тамагым ооруп калыптыр* («Ала-Тоо»). 2. Бир аз ичкилик ичип коюу. *Бир аз кылт этип койгон көрүнөт* («Чалкан»). *Сүйүнгөнүмдөн ошо бөдөнөнүн сүтүнөн кичине кылт этип койгом* (Тойбаев).

**КЫЛТ ЭТТИРБӨӨ** 1. Былкылдатпай өтө катуу кармоо, кынк эткизбөө. *Кийинки апасы кыйын киши көрүнөт, балдарды кылт эттирбейт* («Кыргызстан аялдары»). 2. Дароо, ошол замат. *Чоюбектин кимисине кандай мамиле, сый жасап атканын кылт эттирбей жеткирип турууга тыңчыларды коюшкан* (Бейшеналиев).

**КЫЛТА** Чандыр тарамыш.

**КЫЛТАК** Куштарды кармоо үчүн кылдан жасалып, узун чыбыктын башына байланган илмек. *Ал эртеңкиге тузак эшип, кылтак даярдады* (Токомбаев). *Ышкыбоздор уктабай, Кылтагын сүйрөйт куш карап* (Шүкүрбеков).

**КЫЛТАККА ИЛИНҮҮ** Бирөөнүн амалдуу аракетине кабылып, чыга албай калуу. *Губернаторду тузакка түшүрүүнү көздөгөн кары манап өзү кылтакка илингенин эми түшүндү* (Бейшеналиев).

**КЫЛТАКТА** 1. Кылтак менен кармоо, кылтакка илиндирүү. *Кылтактап кармалган куш.* 2. *эск.* Көбүнчө кылкандуу дан эгиндердин (мис. буудайдын) баштарын үзүү, жулуу.

**КЫЛТАКТАТ** **кылтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛТАКТАШ** **кылтакта** этишинин кош мамилеси.

**КЫЛТАКТОО** **кылтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛТЫЙ** 1. Кичинекей гана көрүнүү, жаңыдан гана чыга баштоо. *Жаңыдан көк кылтыя баштаганда аба тазара түшкөн* (Сыдыкбеков). *Муруту жаңы келаткан Бычак сырты кылтыйып* (Осмонкул). 2. Билмексен, көрмөксөн болумуш болуу, уялыңкыраган кебетеде болуу. *Алдыртан кылтыйып олтуруп, укмуштун баары сенден чыгат?* (Сыдыкбеков). *Түгөтүп салып таруунү, Жатканын кара кылтыйып* (Борбугулов).

**КЫЛТЫЙТ** **кылтый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛТЫЛДА** 1. Кылтыңдоо, кылыктануу, экилене кыймылдоо, сылкылдоо, жагымдуу басуу. *Кызыл көйнөк, кыйгач каш, Кылтылдаган кыз келет* (Осмонов). 2. Туруктуу болбоо, бир сөзүндө турбоо, улам бирди сүйлөө.

**КЫЛТЫЛДАТ** **кылтылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛТЫЛДОО** **кылтылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛТЫҢ I** Кылык, мандемдүү иш. *Алдыртан кишилердин айтууна караганда, төртөөнүн кылтыңы бардай* (Жантөшев).

**КЫЛТЫҢ II: кылтың-кылтың этүү** Бир жерге токтоп тура албоо; кылыктануу, ойсоктоо.

**КЫЛТЫҢДА** 1. Кылыктануу, экилене кыймылдоо, ойсондоо, жасакерленүү. *Бул үйдө кылтыңдаган кыздын, кылактаган келиндин жоктугу байкалып турат* (Жантөшев). 2. Туруктуу болбоо, бир сөзүндө турбоо, улам бирди сүйлөө. *Дайырбек мурунку сөзүнө турбай кылтыңдай баштады.*

**КЫЛТЫҢДАТ** **кылтыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛТЫҢДОО** **кылтыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛТЫР: көк кылтыр** Сүткө, айранга, кымызга суунун көп кошулуп кеткендеги көрүнүшү, абдан суюк.

**КЫЛТЫЮУ** **кылтый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛУУ** **кыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЧА** Кенедей, кымындай, кичинекей да. *Өзүнө кылча жамандык ойлобосуна көзү жетип келген* (Бейшеналиев).

**КЫЛЧА КАРА САНАБОО** *к.* **кылдай кара санабоо.**

**КЫЛЧАЙ** 1. Мойнун буруп, арка жагын кароо. *Өз кыялына өзү кубанган Ашым артына кылчайып, Көсөлдү карап коёт* (Каимов). *Балдар бири-бирин кылчая карашып, кол серпишип, катуу-катуу сүйлөшүүдө* (Бейшеналиев). 2. Кайрылуу, кайта айлануу, кайрылып келүү. *Кылчайып келсем үйдө жок, Кыргыйым качкан оң колдон* (Токтогул). *Кырстыгынан кылчайып, Жанына киши барбаса* («Курманбек»).

**КЫЛЧАЙТ** **кылчай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЧАК-КЫЛЧАК КАРОО** Кайра-кайра кылчайып артын карай берүү (көбүнчө бир нерсени кыя албай же бирөөнү күткөн абалга карата). *Ал баланын үнү угулбай калганга*

*чейин артын кылчак-кылчак карап, көзүнүн жашын төгүп баратты* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Кылчаң-кылчаң кароо.** *Энеси кылчаң-кылчаң артын карап, зыркырап ичи күйүп бара жатты* (Шүкүрбеков).

**КЫЛЧАКТА** 1. Улам-улам арка жагын кароо. *Аркасын карап кылчактап, Коңурбай качып калган кез экен* («Манас»). 2. *өт.* Тарткынчыктоо. *Муну эч бир кылчактабай туруп эле, бардыгыбыз тең барып талап кылууга тийишпиз* (Абдукаримов).

**КЫЛЧАКТАТ кылчакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЧАКТОО кылчакта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЧАҢДА** 1. Улам-улам арка жагына карануу, кылчактоо. *Жолоочу кылчаңдап, аягын зорго шилтеди* (Убукеев). *Кылчаңдап улам боздосо, Иңгендин көркү тайлакта* («Мендирман»). 2. *өт.* Тарткынчыктоо, кылчактоо. *Кырчылдашар жоо келсе, Кысынбаймын кылчаңдап* («Курманбек»). *– Карыя өзүңүз эле бара койбойсузбу! – деп Акбар кылчаңдады* (Убукеев).

**КЫЛЧАҢДАТ кылчаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЧАНДОО кылчаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЧАЮУ кылчай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЧЫК** Уяң эмес, кылдуу (жүнгө карата). *Бут эле кылчык жүндүү койлор, уяң жүндүүдөн ырым кыларга бирөө жок* (Абдумомунов).

**КЫЛЧЫЛДА** Сууктап солкулдоо, калчылдоо. *Кылчылдап тоодо жүрөбүз Кышкы бороон ызгаарда* (Осмонкул). *Берди кылчылдаганын али токтото албай, Темирге тике карады* (Жантөшев).

**КЫЛЧЫЛДАТ кылчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЧЫЛДОО кылчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЫ КОРОБОО** Эч чыгым болбоо, чыгымга учурабоо, жанынан эч нерсе төлөбөө. *Мен үйлөнгөндө агамдын кылы да корогон жок* («Ала-Тоо»). *Мен тарткан запкы балким ойлондураар, А балким кылың дагы коробостур* (Өмүров).

**КЫЛЫ КЫЙШАЙБОО** Эч нерсе болбоо, эч зыян тартпоо, тоготпоо. *Арадан беш ай өткөндөн кийин «Усупбеков кылы кыйшайбай эле баягы кызматында иштеп жүрөт» деген кабар уктум* («Чалкан»). *Баарыбыздан кеч туруп, энем экөөбүз даярдаган дасторконго олтуруп, кылы да кыйшайбай чай ичкенин кантесиң* («Кыргызстан маданияты»). *Эр өлтүргөндө да кылы кыйшайбаган манап кокусунан кармалгансып, мудасын уулдарына дайындай албай калды* (Каимов).

**КЫЛЫГЫ ЧЫГУУ** Начар жактары (көбүнчө кыял-жоругу), жүрүш-турушу билине баштоо. *Биринчи айларда Сайра түзүк эле. Бирок улам кийинчерээк бирдеп-экилеп кылыгы чыгып, былыгы чубала бербедиби* (Касымбеков).

**КЫЛЫЙ** 1. Көздүн кыйыгы менен кылтыйып кароо. *Эки жигит карыядан өтүнө албай, кылыйып тым-тырс олтурушту* (Бейшеналиев). *Даша Ашырдан кылыя карап сурады* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Таарынуу, таарынып унчукпай калуу. *Абаз эч нерсе дебей, кылый-гандан кылыйып, унчукпай калды* (Таштемиров).

**КЫЛЫЙТ кылый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЫК** 1. Жорук, кылган иш. *Саламаткандын кылыктары көз алдына элестеди* (Жантөшев). 2. Кулк-мүнөз, жүрүш-туруш. *Кыз-келиндин ичинде Кылыгым сонун көрүнгөн* (Токтогул). *Кыйнап жүргөн солдатка, Кылык менен жактым да* (Токтогул). *Кылыгың эске түшкөндө, Кылгырып көзгө жаш толду* (Казыбек).

**КЫЛЫКСЫН** Уялымыш болуу, тартынымыш болуу. *Кыздар келип, кылыксынып жесин деп, Мейиз төгөм ак токочтун сыр-тынан* (Осмонов).

**КЫЛЫКСЫНТ кылыксын** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЫКСЫНУУ кылыксын** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЫКТАН** Кылык көрсөтүү, мүнөз көрсөтүү, наздануу, оштонуу. *Нура кылыктанып басып, боз уландардын көз жоосун алат.*

**КЫЛЫКТАНТ кылыктан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЫКТАНУУ кылыктан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЫКТУУ** Иш-аракети, кылык-жоругу сүйкүмдүү, ойсоңдогон, кылтыңдаган. *Сайранын сурданган ирени кичине жазылып, кылыктуу күлүмсүрөп: – Шүгүр, – деди* (Касымбеков).

**КЫЛЫМ** 1. Жүз жыл, жүз жылдык мезгил. *Мен өскөмүн уруш-күрөш жылында, Мен өскөмүн жыйырманчы кылымда* (Турусбеков). 2. *сүйл.* Дүйнө, бүт дүйнө жүзү. *Мындай сонун теңчилик, Кылымда мурун болбогон* (Токтогул). *Кыргыз, кыпчак эл турмак, Кылымга жетти дастаның* («Курманбек»). *Канткенде адам уулу Адам болот, Кылым жообун Айтматовчо тапкыла* (Акматалиев).

**КЫЛЫМДЫ БАСКАН** Көптү көргөн, турмушта көп нерсени башынан өткөргөн. *Кылымды баскан шер болсоң, Кыраан тууган эр болсоң, Кыйрыңдан тентип не келдиң* («Манас»).

**КЫЛЫМДЫ БУЗГАН** Чоң бүлүк салган, чаң салган. *Алооке кандын Коңурбай, Кылымды бузган зор ошол* («Манас»).

**КЫЛЫНА КАРА САНАБОО к. Кылдай кара санабоо.**

**КЫЛЫНА ТИЙБӨӨ Эч нерсени албоо, такыр зыян келтирбөө.**

**КЫЛЫҢ КЫЙШАЙБАЙТ** Эч нерсе болбойсуң, эч зыянга учурабайсың, деген мааниде.

**КЫЛЫЧ** 1. Атчан аскерлер колдонуучу бир жагы миздүү кайкыраак, узунураак келген курал. *Сайса найза тешкисиз, Чапса кылыч кескисиз* («Манас»). *Кылычтан тес да кул дайра, Кыйналбастан өтөгөр* (Казыбек) 2. Өрмөк согууда колдонулуучу курал.

**КЫЛЫЧТА** Кылыч менен чабуу, кылыч менен чапкылоо. *Кыргын салып кылычтап, Кызыл канын төгөйүн* («Курманбек»). *Кылычтап башын кесишип, Кыргын салдык калмакка* («Эр Табылды»).

**КЫЛЫЧТАТ кылычта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЛЫЧТАШ** Кылыч менен чабышуу.

**КЫЛЫЧТАШУУ кылычташ** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЫЧТОО кылычта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЛЫЧТЫН МИЗИН ЖАЛОО** Анттапшуу, ант берүү. *Саадактын огун кармалап, кылычтын мизин жалап, антын кылып калды эми* (фольк.).

**КЫЛЫЧЫН ДАТ БАСУУ** *эск.* Тынч, жайбаракат оокат өткөрүү, уруш, согуш дегенди ойлобоо. -*Ошентип, кылычыңарды дат басып, эндекей жатканыңарда, табактагы этиңерди, сабадагы кымызыңарды тартып кетсе кантет?* (Касымбеков). *Анан эмне болмок эле? Албетте, бир күнү болот кылычты дат басат* (Көчкөнов).

**КЫЛЫЧЫНАН КАН ТАМГАН** Өтө каардуу, ырайымсыз, мыкаачы, зулум. *Кылычынан кан тамган, Жаныбек аттуу хан болгон экен* («Жомоктор»).

**КЫЛЫЮУ кылый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМ ДЕЙ ТҮШҮҮ** *к.* **жым дей түшүү.**

**КЫМБАТ** 1. Баасы жогору, арзандын карама-каршысы. *Баасы кымбат, баркы өйдө, Жакасына пахта айдап* (Үсөнбаев). 2. Татаал, кыйын. *Ашуусу кымбат бел да көп, Аңдышып жаткан эл да көп!* 3. Кадырлуу, асыл. *Айрылып калдым арманда, Асыл Шаршен, кымбаттан* (Осмонкул). *Кымбатын таппай жок издеп жалгызсырагандай* (Сыдыкбеков). 4. Энчилүү ат.

**КЫМБАТТА** 1. Наркы көтөрүлүү, баасы жогорулоо. 2. Кадырлоо, баалоо. *Кымбаттап жазган катымдын, Кылчайып жообун бербедиң* (Осмонкул).

**КЫМБАТТАТ кымбатта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫМБАТТОО кымбатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМБАТТУУ** Ардактуу. *Жаңы жылыңар кут болсун, кымбаттуу ата-энелер!* («Кыргыз Туусу»). *Кымбаттуу сулуу Кишимжан, Жетсек деп эрте энтелеп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кызыл бенден кайрылдым, Кымбаттуу элден айрылдым* (Казыбек).

**КЫМБАТТЫК** Кадыры, асылы болгондук, кымбат тургандык. *Көкөтөйдүн кыйшык өркөч кызыл нар, Кымбаттыгы кыйла бар* («Эр Төштүк»).

**КЫМБАТЧЫЛЫК** Баанын жогору болушу, жогору болуп турган учуру. *Кымбатчылык карапайым элге бир топ эле кыйынчылык туудурду* («Агым»).

**КЫМГУУТ** Чакчелекей, будуң-чаң, тополоң, ызы-чуу. *Басмачылар кымгуут боло баштады* (Жантөшев).

**КЫМКАП** Алтын, күмүштөн жасалган зым кошулуп токулган кымбат баалуу кездеме. Кээде ошол кездемеден тигилген тыш кийим. *Бирден ичик, бир кымкап* («Манас» С.О.).

**КЫМКАР** Майдалап, көбүнчө суук болуп турганда же чоң кар жаагандан кийин түшүүчү жука жылтылдак кар. *Улуу тоолор кымкар, кыроо жамынып калган кез* (Сыдыкбеков).

**КЫМКАРЛА** Кымкар түшүү.

**КЫМКАРЛОО кымкарла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМПЫЙ** Сыр билдирбөө, тымпыюу, сыртына чыгарбоо. *Сыр бербестен зымпыйып, Кыраан куштай кымпыйып, Адептүү болгун баарыңар* («Манас»).

**КЫМПЫЮУ кымпый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМТУУ кымты** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМТЫ** 1. Бир нерсенин чет жакасын ичин көздөй кайруу. *Жума Каныбекти кайра жаткырып, эки жагын, кымтып койду* (Жантөшев). *Батыйма маңдай чачын жоолугуна кымтыды* (Убукеев). 2. *өт.* Жашырып алуу, уурдап алуу. *Уурдап алган, кымтып алган жук болбойт, Андайлардын карды тойбойт, иши оңбойт* (Осмонов).

**КЫМТЫЛА** Чет жакаларын ичин көздөй имерип кайруу, бекитүү, жабуу. *Бир аял, эки жагымды кымтылады* (Жантөшев).

**КЫМТЫЛАН кымтыла** этишинин өздүк мамилеси.

**КЫМТЫЛОО кымтыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМТЫН кымты** этишинин өздүк мамилеси.

**КЫМЧА кыпча** менен бирдей.

**КЫМЫЗ** Бээнин сүтүнөн атайын ыкма менен даярдалган улуттук суусундук. *Жай-лоодогу биз ичкен, Байтал бээнин бал кымыз* (Осмонов). *Чаначтын булуңдары тирсийип, күлдүрт-күлдүрт чайкалганда, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Бабалардын ичимдиги кымыз, Арпа суусун ичпе деди кыргыз* (Огуз түрктөрүнүн

ырынан). *Кымызым таттуу болсун – деп, Сабасын кызыл ыштаган* (Казыбек).

**КЫМЫЗДУУ** Кымызы бар, кымызы көп. *Кыздуу үйдө кыякчы, кымыздуу үйдө аякчы* (макал).

**КЫМЫЗДЫК** Ачкыл даамы бар тоодо өсүүчү майда жалбырактуу өсүмдүк. *Зинагул таң эртеңден кыздар менен бирге ышкын, кымыздык, көбүргөн терүүгө кетти.*

**КЫМЫЙ** Ичинен кымылдап сүйүнүү, кубануу, ичинде болуу. *Эриктиң го баатыр деп, Эрдин тиштеп кымыйды* («Эр Табылды»). *Кычан бул сөздү уккандан кийин кымыйып жаакташууну токтотту* (Бейшеналиев).

**КЫМЫЛДА кымыңда** менен бирдей. *Көсөл андан бетер кымылдап келе жатат* (Каимов). *Теңтуш өскөн ынактар, Алар дагы кымылдап* (Тоголок Молдо).

**КЫМЫЛДОО кымылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМЫН кыпын** менен бирдей.

**КЫМЫНДАЙ** Кыпындай, кичинекей, тырмактай. *Асман айнектей, кымындай булут жок* (Жантөшев).

**КЫМЫҢДА** Ичинен кубануу, кымылдоо.

**КЫМЫҢДОО кымыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМЫР** 1. Кымтылоо, нерсенин чет жакасын ичин көздөй кайруу. *Ошого чейин делпилдеп келаткан эки этегин кымырып алууга буямасы келбептир* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Уурдоо, көрсөтпөй жашырып алуу, кымтып алуу. *Сарбашевага тийиштүү пенсияны кымырып алышты* («Чалкан»). *Ашырып бир топ акчаны, Кымырып коюп жай алдың* (Үмөталиев).

**КЫМЫРАН** Суу көбүрөөк кошулуп кайнатылган сүт. *Түш болсо берет кымыран, Чыдабай калдым шунуңдан* (Барпы).

**КЫМЫРУУ кымыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫМЫРЫН кымыр** этишинин өздүк мамилеси.

**КЫМЫЮУ кымый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫН** Кылычтын, канжардын жана бычактын кабы. *Кара болот нар кескен кындан алып сууруп* («Манас»). *Устанын белинде кайыш илгичи, илгичинде кыны бар* (Баялинов).

**КЫНА I** Эп келиштирип кыйыштыруу, чеберчилик менен эбине келтирүү, жанаша коюу, жик чыгарбай, эби менен бириктирүү, улоо. *Кундакка мылтык кынаткан, Тоо теке ашып сулаткан* (Тоголок Молдо). *Ташты чегип кынаган, Бир-бирине улаган* (Үмөталиев). *Көрпөдөн ичик кынайын, Көбөөсүн макмал кылайын* (Токтогул). *Кызыл, жашыл шаңданып, Кынап тигип кыз кийсе, Жайдын көркү турбайбы* (Осмонкул). *Кыял – масмын, башка кандай аргам бар? Кыналсак ээ, күн да келип сайрандаар* (Култегин).

**КЫНА II** 1. Боёк алынуучу өсүмдүк. *Идаяткан бетине упа, колуна кына сүртүп, кашына осмо коюп жүрө турган адаты бар* (Жантөшев). 2. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктө чөптүн тамырынан алынган боёк, тырмакты боёо үчүн да колдонулат.

**КЫНАЛ кына** этишинин туюк мамилеси.

**КЫНАЛАШ** *диал.* Жанаша өскөн. *Жаштайдан бирге өскөн кыналаш дос.*

**КЫНАМА** Жылкынын куйругун, жалын кооздогон жасалга. *Кызыл жорго ат минген, Кынамал жал түйгөн* («Семетей» С.К.)

**КЫНАПТА** Бир нерсеге тыкандык, чебердик, кылдаттык менен мамиле кылуу. *Кагазды кынаптап бүктөп кайра берди* (Жантөшев). *Айымжан кынаптап мээлей тигип отурган* (Сыдыкбеков). *Ар бир сөздү кынаптап, Орду менен айта алат* (Токомбаев).

**КЫНАПТАТ кынапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫНАПТОО кынапта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНАТ кына** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫНДОО кында** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНДУУ** Кыны бар. *Кындуу бычак.*

**КЫНДЫЙ кынжый** менен бирдей.

**КЫНДЫЙТ кындый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫНДЫРДАЙ** Тегиз.

**КЫНДЫЮУ кындый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНЖЫ** 1. Иттин мойнуна тагылуучу боолуктун бир түрү. 2. Темир чынжыр, чынжыр боолук. *Кынжы салып байлаган, Катылса соёр зору бар* («Манас» С.К.).

**КЫНЖЫЙ** Ичи кабырылуу, өтө арык, кындыйган көрүнүштө болуу. *Баягы балканактай эткээл дене да жок. Бирдеме шимип-соруп таштагандай кынжыят* (Байтемиров).

**КЫНЖЫЙТ кынжый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫНЖЫЛ** 1. Ичи ичине жабышкан абалда, кынжыйган абалда болуу. 2. Араң эле жооп берүү, абдан кыйылуу.

**КЫНЖЫЛУУ кынжыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНЖЫЮУ кынжый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНОО кына** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНСЫЗ** Кыны жок. *Кынсыз кылыч байланып, Болот чокмор колго алып, Кул азыгын шайлады* («Эр Төштүк»).

**КЫНТЫК** Кемчилик, кемтик, жетишпегендик. *Кээде жөн эле жерден кынтык таап урат имиш* (Байтемиров). *Кыйынсынып чиркин абыдан, Кынтык табат башкадан* (Маликов).

**КЫНУУ** Кынык, кыныккандык, көнүп

калуу, бир иштин кызыгы, кызыгына киргендик. *Кынуусуна кирген соң, Күндө тозок салбайбы* («Манас»). *Бирин-серин койду жеп, кынуу тапкан карышкырды айыгышкан койчу бир күнү капканга түшүрүп алды* (Каимов).

**КЫНЫГУУ кынык** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНЫГЫНА ТИЙҮҮ** Жинине тийүү, ачуусун келтирүү.

**КЫНЫК I** Кынуу, кызык, кызыкчылык. *Оозго албагандыгыңардын себеби мунун даамына кынык ала элексиңер* (Абдукаримов).

**КЫНЫК II** Кынуу алуу, көнүү, көнүп калуу. *Койчу ошондон кийин кынык алып, таш көмүрдү үйүнө ала келип жүрдү* (Сасыкбаев).

**КЫНЫКТЫР кынык II** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫНЫНА КИРГИЗҮҮ** Коркутуп, жүрөгүн алып коюу, баш көтөргүс кылуу, жолго салуу. *Кайран философту чап кармап, желкесинен ныгыра басып, кынына араң киргизбедимби* (Жигитов). *Анан аны «эшиктен келип төр меники» дедиртпей, тартипке чакырып, кынына киргизүүгө болот эле го? Мен эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап кылып, кынына киргизип койгомун* (Жигитов). **В.: Кынына кийирүү.** *Анын жүрүшү баймапаптын үрөйүн учуруп, бий-болушту кынына кийирчү* (Өмүрбаев).

**КЫНЫНА КИРҮҮ** Коркуу, баш көтөрө албай калуу, кың дээр алы калбоо, сестенүү, тынчып калуу. *Көк ала койдой сойдуруп, жүрөгүн өлтүрсө, башка жарды, жалчы кынына кирбейби?* (Каимов). *Мактанмак түгүл кынына кирип, кылтың түшөт* («Чалкан»). *Эл бири менен бири кармашып, башкарган желмогуздары четинен кынына кире баштады* (Осмоналиев).

**КЫНЫП КОЙБОО** Тоготпоо, чымын чакканчалык көрбөө. *Кынып койсо буюрбасын, – деп Ашырбек бир топко кейийт* (Ашымбаев).

**КЫҢ** Акырын чыккан созулуңкураак үн. *Анда-санда кың эткен үнүн чыгарып, Дарыяхан жатат* (Жантөшев).

**КЫҢ ДЕБӨӨ** Унчуга албоо, каяша кылбоо, айткан-дегенин унчукпай орундата берүү. *Биринин айтканын бири кың дебей орундатуучу эле* (Байтемиров). *Күлүкандын атасы колунан келген кызматты кыңк дебей аткарган, момун кишинин бири эле* (Ашубаев). **В.: Кыңк этпөө.** – *Ушул кайрат бирикпей жатпайбы, бириксек Күрүчбектер кыңк этет беле бизге* (Осмоналиев). *Үн чыгарба! Кыңк этсең, каныңды жалайм!* (Осмоналиев). *Эми кыңк этпей он миң сом төлөсүн* (Тойбаев).

**КЫҢАЙ I** Бир жагына кыйшайыбыраак, кыйгачыраак. *Мукаш чалдын жашаган бетине кыңай карады* («Жаш ленинчи»). *Бештен он гана минут өттү, – деди шофер Садырга кыңай карап.*

**КЫҢАЙ II** Бир жагына бир аз ооп кыйшаюу, кыйгачыраак абалда болуу. Кыйшаюу, кыңкаюу.

**КЫҢАЙТ кыңай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢАРАК кыңырак** менен бирдей.

**КЫҢАЮУ кыңай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢГЫР** Керилип турган кылды тартып жибергенде же темир бир нерсеге урулганда чыккан сыяктуу ачык дабыш. *Күн күркүрөп жарк эткенде чагылган, Жансыз металл кыңгыр этет озунуп* (Токомбаев).

**КЫҢГЫРА** Кыңгыр эткен, шыңгыраган үн чыгуу. *Комузуң колдо кыңгырап, Кош добуш чыгат шыңгырап* (Токтогул). *Кылычы белде кыңгырап* («Эр Табылды»).

**КЫҢГЫРАТ кыңгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢГЫРЛА кыңгыра** менен бирдей.

**КЫҢГЫРОО кыңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫНДА** Кынга салуу. *Бычак берсең кындап бер, Кындап берсең, чындап бер* (Токтогул). *Албарс кылыч кында деп* («Манас»).

**КЫҢК кың** менен бирдей.

**КЫҢК ДЕДИРБӨӨ** Сүйлөтпөө, унчуктурбоо. – *Кыңк дедирбейт дебейсиңби? – деди күрүлдөгөн дабышын күчтөп* (Ашымбаев).

**КЫҢКАЙ** 1. Бир жагына жантаюу. *Кыңкайып чарчаганда көздү жумам* (Абдырамапов). *Таш кемегенин жанында кыңкайып, арча челек жатат* (Касымбеков). 2. Кыйшаюу, бир аз оол калуу. *Асман көзүн бүгүн түш кыңкая коюу булуттар далдаалады* (Бейшеналиев). *Күн төбөдөн жылып кыңкайып баратат* («Ала-Тоо»).

**КЫҢКАЙТ кыңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢКАЮУ кыңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢКЫЛДА** Акырын үн чыгаруу, өзүнчө түшүнүксүз күңкүлдөө. *Эми өзү ичтен кыңкылдап, өкүнүчтүү ырдап олтурат* (Сыдыкбеков). *Ары карап кыңкылдап, Бери карап мыңкылдап* («Эр Төштүк»).

**КЫҢКЫЛДАТ кыңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢКЫЛДОО кыңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢКЫСТА** Кыңылдап үн чыгаруу, бир жери ооруганда кыңылдап онтоо. *Аңгыча болбой төр жактан кыңкыстаган үн чыкты* (Бөкөнбаев). *Жарадар кыңкыстап бара жатты* (Сыдыкбеков).

**КЫҢКЫСТОО кыңкыста** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢШЫЛА** Кыңылдаган ичке үн чыгаруу (мис. ит, күчүк), кыңылдоо. *Балтек кыңшылап кайра кишини көздөй зымырыл-*

*ды* (Сасыкбаев). *Бопбоз мунарыкка көзүн салып, Ит кыңшылап улуйт үн чыгарып* (Шүкүрбеков).

**КЫҢШЫЛАТ кыңшыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢШЫЛОО кыңшыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢЫЛДА** Ичинен акырын ичкерээк үн чыгаруу, кың-кың эткен ичке, алсыз үн чыгаруу. *Асан кыңылдап ырдаган бойдон аянтты көздөй жөнөдү. Жалгыз караан өзүнчө кыңылдап ырдап орто көчөдө келе жатты* (Убукеев).

**КЫҢЫЛДАТ кыңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫҢЫЛДОО кыңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫҢЫР** Кыйшык, туура эмес, түз эмес, жашыруун. *Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет* (макал). – *«Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет» деген элдин сөзү бар... Көрө жатарбыз* (Абдыраманов).

**КЫҢЫРАК** Эки жагы тең миздүү, көрксүз жасалган чоң бычак. Көбүнчө кийиз кесүү сыяктуу жумуштарга колдонулат. *Кемпир кыңырагын алып, жүгүрүп калды* («Эл адабияты»). *Кыңырак менен кескилеп, Ийне менен тешкилеп* («Эл адабияты»).

**КЫҢЫРТ** Ичи жаман, ак эмес.

**КЫҢЫРЫЛ** Имерчиктөө, тарткынчыктоо, көңүлсүнбөө. *Кыз кыңырылып сүйлөдү* (Каимов). *Сапар бир аз кыңырылып, шартка түшүнгөн соң, жөнөөгө макул болду* (Бейшеналиев).

**КЫҢЫРЫЛУУ кыңырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫПЧА БЕЛ** Ипичке, көркөмдүү, кыналган, ичке бел (аялдарга карата). *Кызыл беттүү кыпча бел, Кыздары сонун кыргыздын* (Бөкөнбаев). *Айсалкындын кыпча бели мажүрүм талдай ийилет* (Жантөшев). *Акылы сергек кыпча бел, Ал-жайыңды сурайын* (Осмонкул).

**КЫПЧАКТАР** *тар.* Борбордук Азияда тараган уруулардын бири.

**КЫПЧУУ кыпчы** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫПЧУУР** Чокту, ысык темирди ж.б. кыпчый кармоо үчүн ылайыкталып жасалган курал, чымчуур, кычкач. *Бир кезде, кыпчууру кызарып кетти эле, карыя уста тепшидеги сууга чар эттире малды* (Убукеев).

**КЫПЧЫ** 1. Кыпчуур, кычкач ж.б. менен кыса кармоо, кысуу. *Көмүрдү кычкач менен кыпчып алды.* 2. Бир нерсенин ортосуна, арасына кысып коюу, кыстаруу.

**КЫПЧЫК** 1. Бешиктин күлтүк коюлуучу оюгуна же күлтүктү жээктете коюлуучу кыпчынды чүпүрөк. 2. Казанга нан жаап бышырганда ачык калган жерине кыпчылып кошулган бөлүгү.

**КЫПЧЫЛ** 1. **кыпчы** этишинин туюк мамилеси. 2. *өт.* Кийлигишүү, арасына кирише калуу. *Бир коюңуз бир жылда 4 килодон жүн бере коё алар бекен?! – деп Итике сөзгө дагы кыпчыла калды* (Убукеев). *Сен эмне кыпчыласың, селсаяк?! – деп ормоё карады* (Абдукаримов). *«Куюшканга кыпчылганыңды токтотчу» деп атасы баланы зекип койду.*

**КЫПЧЫЛДЫК кыпчык** менен бирдей.

**КЫПЧЫНДЫ** Эки нерсенин арасында боло турган кичинекей бөлүкчө, бир нерсенин арасына коё турган кыстырынды.

**КЫПЧЫТ кыпчы** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫПЫЙ** Кичинекей жана келишимдүү көрүнүштө болуу. *Аста басып кыпыйып, Ак кептердей тыпыйып* (Тоголок Молдо).

**КЫПЫЙТ кыпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫПЫЛДАТ кыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫПЫЛДОО кыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫПЫН** Бир нерсенин эң кичине, өтө майда бөлүгү. *Көрүк күүлдөп ышкырып, очоктогу көмүрдү үйлөп жалын чачыратып, кыпындарын абага учурууда* (Бейшеналиев).

**КЫПЫНДАЙ кымындай** менен бирдей.

**КЫПЫНДА кымында** менен бирдей.

**КЫПЫЮУ кыпый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫР I** 1. Тоонун кырка тартып, жондонуп чыгып турган бөлүгү, тоонун көтөрүлүп чыгып турган жону. *Аттуулар кыр өйдө келип жакындаганда Алыбек Темировду тааныды* (Жантөшев). *Жамгырым, жамгырым, Көгөрт тоонун ой, кырын* (Осмонов). 2. Бир нерсенин чети, кырданып чыгып турган бөлүгү. *Атай суудан секирип, арыктын кырына чыкты* (Бейшеналиев). *Жер тамдын кырында кара чыйырчыктар олтурат* (Сасыкбаев). 3. Каптал. *Көмкөрөсүнөн жаткан Каныбек сол жакка кырына оодарылды* (Жантөшев). 4. Жон-жон кылып үйүлгөн үйүндү. *Батыйманын көзүнө кырманга додолоп койгон, кыр-кыр кызыл буудайларга окшоп көрүндү* (Убукеев).

**КЫР II** 1. Жок кылуу, өлтүрүү. *Жыргалга кастык кылганды, Жыландай жанчып кырамын* (Бөкөнбаев). *Кырамын өзү келген ач көз жоону Колхоздун адырынан чөп чапкандай* (Үмөталиев). 2. Бир нерсени сүргүлөп тегиздөө, сүргүлөп тазалоо, сүрө тартып ажыратуу, бөлүү. *Табак-аяк кырат, кашык, жасайт* (Токомбаев). *Айран калдым мен көрүп, Апийимди кырганын* (Осмонкул). *Аттын жанына барып, мойнунан сылап, каткан терлерин кырды* (Каимов).

**КЫР ЖАБУУ** Эгин көйкөлүп текши чыгып, жердин карасын көрсөтпөй жаап калуу. *Буудайы кыр жаап келгенде, Арпасын эрте сугарган* (Токтогул).

**КЫР КӨРСӨТҮҮ** Сес көрсөтүү, көтөрүлө сүйлөө, мыктысынып мамиле жасоо, чоңсунуу. *Шадыга кыр көрсөтүп, дагы биринчи болуп тоң моюндук кыла баштады* (Касымбеков). *Бир четтен Чаки чындаса Дөкө тукумун да көзгө илбейт экен го» деген айың жүрөөр, буларга кыр көрсөтөйүн деп амалданды* (Үмөталиев).

**КЫРААКЫ** Иштин жайын алдын ала билгич, байкагыч, көрөгөч. *Көптү көргөн кыраакы, Көк жая Бакай кабылан* («Манас»). *Салыктын кыраакы көздөрү үйдүн ичи көңүлдөгүдөй эместигин дароо байкады* (Каимов).

**КЫРААКЫЛЫК** Көрөгөчтүк, алдын ала билүүчүлүк, байкагычтык. *Каныбек чалдын кыраакылыгына кубангандай карап турду* (Жантөшев). *Ата-бабаларыбыз эзелки тарыхый мекенине Ала-Тоо коюнуна кайтып келишип зор кыраакылык кылышкан.*

**КЫРААН I** 1. Алгыр. *Кыраан бүркүт. Кыраан куш.* 2. Мыкты, кыйын, өткүр, чыгаан. *Бизден чыкты өсүп жаштын кыраанңы, Эркек, аял, бир катарда туралы!* (Барпы).

**КЫРААН II: кыраан-каткы** Бардыгы бирдей, жапырт, катуу күлүү, аябай каткыра күлгөн күлкү. *Алардын кыраан-каткы күлкүлөрү алда кайда угулат* (Жантөшев). *Олтурган элдер кыраан-каткы күлүштү* (Баялинов).

**КЫРААН БҮРКҮТ** *аңч.* Көзү ак, табы женил, алгыр бүркүт.

**КЫРААН КУШ** *аңч.* Боо тагары кыска, көзү ак, тапка бат кирип, кишиге тез үйүр алган куш.

**КЫРААТ** Кубулжута, үнүн созолонто окуу ыгы, жолу (көбүнчө куран окууга карата). *Билбеген кишилер кыраат менен куран окуп баратат дечү* (Токомбаев). *Буга жага түшкөнбү деп ойлодум, жогорудагы эки сапты кыраатты менен кайталап бердим* («Чалкан»).

**КЫРААТКАНА** *эск.* Китеп окуй турган жай. (1920-жылдары колдонулган термин).

**КЫРАКА** Чөлдө, кургак жерде өсүүчү катуу чөптүн түрү. *Кызыл-Кумдун чөлүнө, Кырака кулан чөбүнө* («Манас» С.О.).

**КЫРАҢ** Кичирээк кыр, анча бийик эмес тоонун кыры. *Айгүл менен Абылбек аттарды кырандын ылымта жакkы бетине байлаштырып коюшту* (Жантөшев). *Салкын төр, жашыл кыраңдан, Төрт түлүк малы жайылган* (Элебаев).

**КЫРГАК I** Жээк, бир нерсенин жээгине тартылуучу коооздолуп жасалган тасма. *Кыргагына калпактын Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»). *Кызыл кыргак тагынган, Келин аман барсыңбы?* (Токтогул). *Кызыл-тазыл кырмызы, Кыргагын тартсам бөлүнбөйт* («Манас»). *Кызылдан экен кыргагың, Кыйчалыш келдиң ырдадым.*

**КЫРГАК II** Найзанын болот учу. *Кыргак болот Сыр найза* («Семетей» С.К.).

**КЫРГАК ТАШ** Миздүү, кырдуу таш. *Көрбөгөн сонун көргүн деп, Кыргак таш менен айдады* («Эл адабияты»).

**КЫРГООЛ** Тоок тукумуна кирүүчү кооз жүндүү канаттуу. *Чоң Таластын токоюнда толгон жапайы коёндор, кыргоолдор бар* (Каимов).

**КЫРГЫЕК** Түлөй элек жаш кыргый. *Кыюусу менен таптаса, Кыргыек жакшы салганга* (Осмонкул).

**КЫРГЫЗ ЧЕН БИРДИКТЕРИ** Кыргыз эли чоңдуктарды ченөөдө, (өлчөөдө) колдонулган чен бирдиктер. *Кыргыз чен бирдиктери төмөндөгүлөр: салмак бирдиктери – жың, батман, чексе, бут, кадак, челек, кап, мыскал ж.б. Аянт бирдиктери – бармак басым, алакандай, үй орду, танап, теше ж.б. Убакыт бирдиктери – көз ирмем, чай кайнам, эт бышым, күн, күнү-түнү, жума (апта), ай, жыл, кылым ж.б. Узундук бирдиктери – эли, укум, сөөм, карыш, төш жери, кулач, бута атым, чакырым, тай чабым, ат чабым ж.б.*

**КЫРГЫЙ** Көбүнчө чымчык, бөдөнө сыяктуу майда канаттууларды алуучу жырткыч куш. *Кыргыйдай боюн сылантып, Кыз-келин боюн оңдогон* (Казыбек). *Түлөк кыргый. Кыргый салуу.*

**КЫРГЫЙ КАБАК** Бир аз таарынышкан, араздашкан мамиле. – *Ой, аны кой. Болуш агаң менен кызыл көз чал кыргый кабак* (Нурпеисов). *Агаларым Сүйөө карыя менен кыргый кабак экен деп, менин тескери караганым кандай* (Нурпеисов). *Анархан Саламатханга таарынып, ошондон бери кыргый кабак болуп жүргөн* (Жантөшев). *Бир аз айтыша кетип, кыргый кабак болуша түштүк* («Ала-Тоо»).

**КЫРГЫЙДАЙ БОЛУП КАЛУУ** Көңүлү ачылып, жакшы болуп, жеңилденип, өзүн жакшы сезип, жеңил сезип калуу (көбүнчө сыркоо адамга карата). *«Апа, кандайсыз?» деген кыздын суроосуна «бүгүн кыргыйдай болуп калыптырмын» деп күлүп койду* («Ала-Тоо»).

**КЫРГЫЙДАЙ ТИЙҮҮ** Түз эле качыруу, катуу тийүү, басмырлап мамиле кылуу. *Таптык сезим кыңыр ишке кыргыйдай тийди* («Чалкан»). *Мынабу ууру досуң кыргыйдай тийдиби, кандай?* (Нурпеисов).

**КЫРГЫЛ** 1. Бозомтук, сакал-мурутка ак аралап калган. *Кырктын башы Кыргыл чал, Кыркында көпкөн жинди чал* («Манас»). 2. Таштуу аска.

**КЫРГЫН** Кан төгүлгөн катуу уруш. *Бүгүнкү кыргын чабуулда, Бүлүктү жоого салгандыр* (Бөкөнбаев). *Фашисттин ажыдаарын белден кесип, Жоо жолун кыргынга алып кайра сүргөн* (Осмонов).

**КЫРГЫНДА** Кыргын салуу, кырып-жоюп таштоо.

**КЫРГЫНДОО кыргында** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРГЫНДУУ** Кан төгүлгөн, катуу салгылашуу. *Кыргындуу согуш.*

**КЫРГЫЧ** Көбүнчө казандын түбүн, кырмычык кырууга ылайыкталып жасалган кыска калакча. *Энеси кыргыч менен казан кырат* (Байтемиров) 2. Апийимди кырып, жыйнап алуу үчүн ылайыкталып жасалган кичинекей калакча.

**КЫРДА** 1. Бир нерсени кыр кылып үйүү, жыйноо. *Кызылчасын тоодой кылып кырдаган Бардык элден эркин-шайыр жыргаган* (Токомбаев). 2. Бир нерсеге кыр чыгаруу, бир нерсени кырдуу кылып жасоо. *Бул тегин таш эмес. Адис уста атайы төрт кырдап жасап койсо керек* (Таштемиров).

**КЫРДААЛ** Абал, шарт, белгилүү бир учур, оңтойлуу шарт. *Айыл чарба өркүндөгөн кырдаалда турат. Тажрыйбалуу кызматчы кырдаалды кыйын эсептейт эмеспи* (Каимов).

**КЫРДААЛДУУ** Ыңгайлуу, шарттуу, учуру келип турган, оңтойлуу. *Кырдаалдуу ишти өткөзсөң, Кыркка чыккан жаш менен* (Тоголок Молдо).

**КЫРДАН** 1. Кырынан келген абалда болуу. *Ал кырданып жаткан боюнча магдырап көзү илинди* («Ала-Too»). 2. Кырынан жыгылуу. *Кыргыздар сайса жөө калмак, Кырданып кетет талп этип* («Эр Табылды»). *Кара калмак балбаны, Кырдана түшүп бадирек, Аяктап тура калганы* («Манас»). 3. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, мыктысынуу. *Кыйынсынып кыйкырып кырданганың дуруспу* (Осмонкул). *Татыбек мурдагыдан бетер кырдана басып дегеле адамды көзүнө илбейт* (Байтемиров).

**КЫРДАНТ кырдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРДАНУУ кырдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРДАНЫП КЕТҮҮ** 1. Каза болуу, көз жумуу, көзү өтүп кетүү, өлүү. *Молдокем кырданып кетиптир деп мага угузду* («Ала-Тоо»). 2. Кызматынан түшүп калуу, ишинен бошоп калуу. *Мурдагы пейли жок, кызматынан кырданып кеткенге жүдөй түштү* («Чалкан»).

**КЫРДАТ кырда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРДАЧ** Кыр, кырынан келген, жалпак эмес, тигирээк келген. *Кырдач мурун.*

**КЫРДОО кырда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРДУУ** 1. Кыры бар. *Кетенчиктей беребиз дешип кырдуу таштан ары кулап түшүштү* (Жантөшев). 2. Көп жактуу. *Айдайдын образы көп кырдуу* («Ала-Тоо»).

**КЫРДЫ БЫЧАК БОЛУУ** Өз ара касташуу, мамилелери бузулуп, өчөгүшүп кетүү, өз ара каршылашуу, касташуу, душмандашуу. *Ага-тууганы менен кырды бычак болуп жүргөн жаман жигиттин бири экен* («Ала-Тоо»). *Береги кырды бычак болгон манаптын жек-жааттары* (Осмоналиев). *Аралары кырды бычак болуп, дүнүйө, мансап үчүн кармашуу башталды* (Касымбеков). *Мен аны менен кырды бычакмын* («Ала-Тоо»). *Алгач ишеним жоголуп, анан кырды бычак кырдаал түзүлдү* (Бердикеев).

**КЫРДЫ КЫДЫРЫП, СЫРДЫ СЫДЫРУУ** Бир жерден туруктуу орун ала албай, көп жерге баруу. *Ал жеңесине кырды кыдырып, сырды сыдырып келгенин кеп уруп берип жатат* (Бектенов).

**КЫРЖЫЙ** Абдан арыктоо, өтө эле арык көрүнүштө болуу.

**КЫРЖЫЙТ кыржый** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРЖЫЮУ кыржый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРК I** 40 саны, эсеби. *Эр Төштүк атган бугудан Оң бутка илди бир кыркты, Сол бутка илди бир кыркты* («Эр Төштүк»).

**КЫРК II** Туурасынан кесип таштоо, жүн сыяктуу нерселерди түбүнөн кесүү. *Чоң араа жок, чочубагын кыркпаймын, Ак балта жок, анык ишен жыкпаймын* (Калык). *Ар бир коюн кыркканда, Төрт жарым кило жүн алган* (Осмонкул).

**КЫРК ХАДИС** Мухаммед пайгамбардын айтып кеткендеринин ичинен кырк осуятынын өзүнчө китепчеси.

**КЫРК АШ** Өлгөн адамга кырк күн өткөндөн кийин өткөрүлүүчү зыйнат. *Кырк ашын антип өткөрдү, Өткөргөнүн көз көрдү, Эл жайына таркады* («Манас»).

**КЫРК ЖЫЛКЫ** Жаңы төрөлгөн баланын кыз же эркек экендигин айтууда анын кыз экендигин билдирүү маанисинде колдонулат. *Уул, сүйүнчү! Келинчегиң кырк жылкы төрөдү* («Ала-Тоо»). *Жеңем эмне төрөптүр? Кырк жылкы.*

**КЫРК КӨЙНӨК** *этн.* Жаңы төрөлгөн ымыркай бала кырк күнгө толгондо, анын кыркын чыгарып, ырымдап кийгизилген курак көйнөк. *Кырк атаңдын жөрөлгөсү, Ата-энеңдин өбөлгөсү* («Манас»). *Айылдын аялдары чогулуп, ымыркайга кырк көйнөк кийгизип, ырымын жасашты* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫРК КЫРДУУ** Өнөрлүү, ар тараптуу, акылдуу. *Жигит бир сырдуу, кырк кырдуу болот* (фольк.).

**КЫРК МУУН** 1. Муунак-муунак болуп чыккан отоо чөп, жүлгүр. 2. Мууналып керге кесилген жер, шакекче түрүндө кесилген кертмек. *Мамынын башкы муунагында жылкынын кылы менен байлап койгон булгаары бар* («Эр Табылды»).

**КЫРК ӨРДӨГҮН УЧУРУУ** *к.* **беш өрдөгүн учуруу.**

**КЫРК УВАЗИР** Хандын, падышанын кырк акылчысы, жигити. *Кылымды билген хан болсо, Кырк убазири болот го* («Манас»).

**КЫРК ЧИЛТЕН** *миф.* Кырк адам, кырк колдоочу. Адамдардын көзүнө көрүнбөгөн, сүйгөн кишилерин колдоп, жакшылык кы-

луучу касиеттүү пир, колдоочу. *Кырк чилтен кайып эр урсун* («Манас» С.О.). *Атасын тарткан эр Семең, Актулпарды чуратып, Жардын башын уратып, Жайнаган сууга кирди эми. Колдогону кырк чилтен, Колтугунан алыптыр* («Семетей»). *Бирде касиеттүү Капсылазам колдосо, бирде Кырк чилтен, бирде жакшылык ыроологон Жоламан колдоп, куттуу ордосуна көңүлү куунак кайтат* (Субанбеков).

**КЫРК ШЫРЫК** Жамаачыланбаган жери жок, абдан көп жамаачы түшкөн. *Кечке жааган ак жаан өтмө катарынан өтүп, үстүндөгү кырк шырык кемсели өзүнчө эле бир жүк болгонсуп, ийнин басып калды* («Ала-Тоо»).

**КЫРК ЭЛЕК** Кыргыздын байыркы музыкалык аспабы. *Кыргыздын ынтымагы ыдырап, жок болуп баратып, Бакайдын кеңеши менен кайра чогулуп, кырк уруудан бирден кыл апкелип тагып, анысын «Кырк элек» атап, анын алдында «ажырашпоого, бөлүнбөөгө» ант берген.*

**КЫРКА** Катар, тизмектешкен, каз катар. *Кырка туруп алып пахта терип жүргөн жумушчулардын орто ченинде Жылдызкан* (Байтемиров). *Башынан мөңгү кетпес кырка тоо* (Каимов).

**КЫРКААР I** Кырка кыркалай тизилип турган, катар-катар тизилген. *Эң алдында кыркаар тарткан көч* («Ала-Тоо»). *– Жаңы полк! Тизил түп-түз! Шаңданып, кыркаар тартып алдыга жүр!* (Турусбеков).

**КЫРКААР II** Кыркылып жаткан жүн. *– О, кыркаар көбөйгүн! – деп, Темиров обочодон айтканда, – Айтканыңыз келсин! – дешип кой кырккандар чуулдашты* (Жантөшев).

**КЫРКАЛА** Кыркалай коюу, кыркалай туруу, кырка тизүү, коюу же катар туруу. *Уруя дандыр нандан эки-үчөөнү чоң-чоң сындырып кыркалай койду* (Байтемиров).

**КЫРКАЛАТ кыркала** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРКАЛЕКЕЙ** Кыдырата. *Кыркалекей отургузуп, кыркалекей сун.*

**КЫРКАЛОО кыркала** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРКМАЧЫ** Койдун жүнүн кыркуучу. *Сакманчылар үйлөрүнө кайтып, алардын ордуна кыркмачылар пайда болду* (Жантөшев).

**КЫРКЫЛЫК** Жаңы төрөлгөн балага кырк күн болгондо кыркылыгын чыгаруу салты.

**КЫРКЫМ кыркын** менен бирдей.

**КЫРКЫН I** Койду кыркуу иши, маалы. *Ар бир койдон кыркында, Төрт жарым килден жүн алган* (Үсөнбаев). *Кой кыркыны.*

**КЫРКЫН II: кыз-кыркын** *к.* **кыз.**

**КЫРКЫН БЕРҮҮ** *дин.* Өлгөн адамга кырк күн толгондо мал союп, куран окутуу, эскерүү. *Абышканын кыркын бердик.*

**КЫРКЫНЧЫ** Кырктын иреттик саны.

**КЫРКЫРА** Алкымынан кырылдаган дабыш чыгаруу, кырылдоо. *Кожоюн кыжырланып, кыркырап сүйлөдү* (Сасыкбаев).

**КЫРКЫШ кырк** этишинин кош мамилеси.

**КЫРМА I** Түркүн жыгачтан ар кандай идиш-аяктарды, үй буюмдарды жасоодо жана коооздоодо колдонулат.

**КЫРМА II** Кырып жасалган. *Кырма аяк. Кырма табак.*

**КЫРМАН** Эгин бастыруу үчүн атайы тазаланып жасалган аянт. *Кызылы жок өңүндө, Кырманы жок чөлүндө* (Калмырза). *Башкарма өзү кырман башында ушинтип демилге берет* (Сыдыкбеков). *Оморбекти кырман таразачысы кылып дайындады* (Баялинов).

**КЫРМАН СУЗУУ** Эгиндин кызылын (таза данын) жыйнап алуу, капка, кампага куюу.

**КЫРМАНЧЫ** Кырманда иштеген киши, кырман кайтарган киши. *Сызгырылып кырманчыга үн кошот Суусу мөңкүп, түйлап жаткан сайдагы* (Маликов). *Кырда жаткан таш элең, Кырманчынын башы элең* (Тоголок Молдо).

**КЫРМАЧЫ** Кырма менен узанган чебер.

**КЫРМАЧЫЛЫК** Жыгаччылык өнөрүнүн бир түрү.

**КЫРМЫЗЫ** 1. Чымкый кызыл. 2. Кызыл жибек. *Кырмызыдан бүктөтүп* («Манас» С.К.). *Кырмызы бычып тон кылган* («Эр Табылды»). *Кыңырылып карасам, Кырмызы чачын беш бөлгөн* («Эл адабияты»).

**КЫРМЫЧЫК** Көбүнчө сүттү бышырганда казандын түбүнө күйүп калганы. *Асылбек кырмычыкты жакшы көрөт* (Элебаев).

**КЫРОЙ: кырой-кырой** Койду чакырганда колдонулуучу сөз.

**КЫРОО** 1. Күн сууктаганда (мис. чөптү) каптап калуучу кар сыяктуу жука катмар. *Ак кыроо, буурул бубак жамынган бирөө тоо тараптан келе жатты* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Агаруу, ак түшүү (чач, сакал, мурут жөнүндө). *Капкара мурут сакалым, Кыроо түшүп кубарды* (Осмонкул).

**КЫРООЛОН** 1. Кыроо каптап калуу, кыроо түшүү, кыроо басуу. *Болор-болбос кыроолонгон көк шибер менен жай басып, сууну көздөй баратты* (Абдумомунов). 2. *өт.* Ак кирүү, агара баштоо (мис. сакал-мурутка). *Сакал, мурут кыроолондуң* (Токомбаев).

**КЫРООЛОНТ кыроолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРООЛОНУУ кыроолон** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРС I** Ачуусу чукул, терс кыял, таарынчаак, кыйт этме. *Карыя Алийманын мүнөзүнүн кырс экенин билүүчү. Сырын чыгара бербеген, кээде кырс эткен терс мүнөздүү* (Сыдыкбеков).

**КЫРС II** Тырс эткендей чыккан басыңкы туюк дабыш. *Муун-жүүнү кырс-кырс эте*

*баштады* (Сыдыкбеков). *Чигитин кырс эттире тиштеп көрүп, Бир четте пахта жаят картаң Капар* (Абдыраманов).

**КЫРС ЭТҮҮ** Ачуусу келүү, жактырбаган мүнөздө жини келгенсип калуу. *Териси тар, мүнөзү чатак болсо, бая эле кырс этип кабагын салып калат эле* (Сыдыкбеков).

**КЫРСТЫК** Кырс мүнөздүүлүк, бат таарынуучулук. *Кырстыгынан кылчайып, Жанына киши барбаса* («Курманбек»).

**КЫРСЫГУУ кырсык** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРСЫК** Күтүүсүздөн болгон жамандык, кыйынчылык. *Оолак болсун оорудан, Кетсин кырсык тооруган* (Осмонов). *Эгер аттардын бири кырсык болуп ылаңдап калса, Сейитказынын ичкен тамагы аш эмес. Кырсык каш-кабактын ортосунда.*

**КЫРСТЫК** Кырс мүнөз көрсөткөндүк, кырс кыялын карматкандык.

**КЫРСЫКТА** Кырсыкка учуроо, оор абалга, кыйынчылыкка туш келүү. *Жакыныңа жат болуп, Андай жамандын иши кырсыктайт* (Калык).

**КЫРСЫКТАТ кырсыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРСЫКТОО кырсыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРСЫКТУУ** Кырсыгы бар, кесепеттүү.

**КЫРСЫКЧЫЛ** Кырсыкка көп учуроочу, кырсыктан башы чыкпаган.

**КЫРСЫЛДА** Кырс-кырс этүү, кырс-кырс эткен дабыш чыгуу. *Жорголой албай ал кетти, Жол жүрсөм муунум кырсылдап* (Осмонкул).

**КЫРСЫЛДАТ кырсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРСЫЛДОО кырсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРТ** Кытыр этип чыккан дабыш, чөптү керте тиштеп чайнагандагыдай чыккан дабыш. *Балдардын бирөөнүн күрөгүнүн учу катуу бир нерсеге кырт этип тийгенин сезди* («САЖИ»). *Койлор кырт-кырт кепшешет* (Убукеев).

**КЫРТ ЭТМЕСИ КАРМОО** Жини келип, супсуну сууй түшүү, дароо өзгөрүлүү, иренжигенсип терс кыялы кармай түшүү. *Ыбырай жээнинен супсуну сууган өңдөнүп, кырт этмеси кармай калдыбы, салкын гана экөө бактылуу болсун дептир, – деди* (Ашымбаев). **В.: Кырт дей түшүү.** *Айласы кеткен Калыйпа ичи бышып, баарын чалынан көрүп, кырт дей түштү* (Өмүрбаев).

**КЫРТЫЙ** Таарына түшүү, таарынып калуу.

**КЫРТЫЛДА** Кырт-кырт этүү, кырт-кырт эткен дабыш чыгуу. *Кыртылдап алыстан дабыш чыккансыды.*

**КЫРТЫЛДАТ кыртылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРТЫЛДОО кыртылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРТЫШ I** 1. Жер катмарындагы тоо тектердин жалпы аты. *Кыртыш экиге бөлүнөт: аска-таштуу кыртыш, борпоң кыртыш.* 2. Үстүңкү катмар. *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жалбырак чыга баштады* (Сыдыкбеков). *Кабырганын кыртышы.*

**КЫРТЫШ II** Сүрөтчүгө керек болгон түстүк жана өзгөчөлүк касиеттерди бир нерсенин үстүндө сактап калуу максатында атайын даярдалган негиз. *Кыртыш клейлик, майлуу жана эмульсиялык болуп бөлүнөт. Сүрөт тартардын алдында тактанын үстүнө сүртүлүүчү ачык түстөгү боёк да кыртыш деп аталат.*

**КЫРТЫШ СУУЛАРЫ** Жер бетине чукул жаткан катмардагы туруктуу суулар. *Кыртыш суулары, негизинен, жаан-чачын, жер бетиндеги агын суу, көл жана башкалардын суусу топурак катмарларынан өтүп барып топтолушунан пайда болот.*

**КЫРТЫШТОО** *сүр.* Сүрөт иштери үчүн арналган бир нерсенин үстүнө кыртышты даярдоо иши.

**КЫРТЫШТУУ** Кыртышы бар, семиз. *Кара кыртыштуу талаа. Кыртыштуу кабырга.*

**КЫРТЫШЫ СҮЙБӨӨ** Жактырбоо, жакшы көрбөө. *Татыбектин дегеле эчтемени кыртышы сүйбөйт* (Байтемиров).

**КЫРТЫШЫН САЛУУ** Сүйбөө, анча жактыра бербөө. *Асанкулдун көңүлү тырчый кыртышын сала коомайланды* («Ала-Тоо»). **В.: Кыртышы каалабоо.** *Кырс мүнөзүм кармаган мен бул терс аяк пенде менен сүйлөшүүнү кыртышым каалабай турду* («Кыргызстан маданияты»). **Кыртышы сүйбөө.** *Абил бий ачык эле кыртышы сүйбөй тыржыйып калды* (Касымбеков). *Ордого жакын киши деп, мурда эле кыртышы сүйбөгөн Бекназар паңсатты жек көрүп калган болучу* (Касымбеков). *Кайра кайтканда көңүлсүз, кыңырыла сүйбөй, шылкыйып келе жаттык* (Жусупов). **Сыртын салуу.** *Сен мага эмне сыртыңды салып калгансың.*

**КЫРТЫЮУ кыртый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРУУ I** Жээк, кыр. *Башында кыруусу көзүнө түшкөн фуражкасы бар* (Сасыкбаев). *Сакалчан киши калпагынын кыруусуна туруп калган кыпынды какты* (Жантөшев).

**КЫРУУ II** Кулунду чакырууда колдонулат.

**КЫРУУ III кыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЧ I** Жанча кесүү, жанча кыюу, жанча бөлүү. *Капысынан эле ит башын жулкуйт да, оң колунун бармактарын кырча тиштейт* (Абдукаримов).

**КЫРЧ II** Эшикти ачканда, карды баскanda ж.б. кычыр этип чыккан добуш. *Тоңголок кар кырч-кырч этет* (Сасыкбаев).

**КЫРЧА** Кичирээк кыр, кыр сымал. *Ка-*

*ныбек кырчадагы кичинекей таштын түбүнө барды* (Жантөшев). *Жеңиш кырчага чыкса, жоон топ киши жылкы тосуп жүрөт.*

**КЫРЧАҢГЫ** 1. Жылкыда боло турган териси жараланып жыдый баштаган кычыштырма оору. *Кышын-жайын семиртип, Жылкыны жакшы баккыла, Кырчаңгы кылып жүдөтпөй* (Үсөнбаев). *Кырчаңгы, арык, ачка эшек кейпи, Кыбырап сылтый басып боз да келди* (Осмонов). 2. *өт.* Бирөөгө тийише берген, жөн турбай тийишип сөз айта берүүчү. *Жөн жүрө албаган кырчаңгы киши өзү, бечара.*

**КЫРЧАҢГЫ ООЗ** Тийишип сүйлөгөн, бирөөнүн жоорун чукуп, тийишип, мазактап сүйлөгөн. – *Бирок, кырчаңгы ооз Тоголок Молдону көшүлтүп таштасак, ал кабарыбыз Калпа ажы менен Касымбек болушка жетсе кантебиз* (Бейшеналиев).

**КЫРЧОО** 1. Боз үйдүн туурдугунун ортосунан айландыра бастырган жип. *Кызыл үйдүн кырчоосунда илинген кагандын көк асабасы.* 2. Алкак. *Кырчоосун талдан салып, арчадан жасаган эки кичине челек* (Жантөшев).

**КЫРЧООЛО** Кырчоо тартуу.

**КЫРЧООЛОО кырчооло** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЧТЫР кырч** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРЧУУ кырч** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЧЫЛДА** 1. Кырч-кырч этүү, кычыраган үн чыгаруу. 2. Абдан катуу суук болуу. *Андан кийин «үч ай токсон» кырчылдаган кыш дегени бар* (Убукеев). 3. *өт.* Толуп турган кез, жаш кез. *Кырчылдаган жаш кезде.*

**КЫРЧЫЛДАТ кырчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРЧЫЛДАШ кырчылда** этишинин кош мамилеси.

**КЫРЧЫЛДОО кырчылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЧЫН** 1. Майда жаш бадал. *Төрт салаанын чыгышын калың кырчын каптаган* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Жаш, жаш кез, жаш өспүрүм. *Кырчындай жаштар кошулду, Кыялы тунук таптаза* («Эл адабияты»). *Гүлайым – өмүрдүн он сегизине бет алган кырчын убагы* (Бейшеналиев).

**КЫРЫЛ кыр** этишинин туюк мамилеси.

**КЫРЫЛДА** Кыркыраган добуш чыгаруу, кыркыроо. *Кырылдап алсыз үн чыгат, Кылчайып Жапар карады* (Бөкөнбаев).

**КЫРЫЛДАТ кырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫРЫЛДОО кырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЫЛЫШ I** Кыргын, бирин бири өлтүргөн кыргындуу согуш.

**КЫРЫЛЫШ II** Аябай катуу салгылашуу, кан төгүшүп салгылашуу. *Кырылышкан майдан болуп өткөн жер ушул* (Бөкөнбаев).

**КЫРЫЛЫШУУ кырылыш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫРЫМ** 1. Химиялык зат. 2. Хром тузу менен өңдөлгөн жука булгаары. *Береги Орозкул азыр кырым өтүгүн жылтыратып, үзөңгүнү чирене учкай тээп, ээрде үргүлөп, шыйрагына киши теңебейт* (Айтматов).

**КЫРЫНА ЧЫГЫП АЛУУ** Үстөмдүк кылуу, басмырлап алуу. – *Мени көп кекетүүчү болбо, – деп Калыйча унчукпай калган эринин кырына чыгып алды* (Осмоналиев). *Эми Мамбет да Мамбеткулдун кырына чыгып алды* (Каимов). *Жылдызкандын жеңилгендигин байкаган Суусар карап турсунбу, кырына чыгып алды* (Байтемиров).

**КЫРЫНДЫ** Кырылгандан чыккан нерсе, кырып алган нерсе.

**КЫРЫШ кыр** этишинин кош мамилеси.

**КЫС** Сыга кармоо, бекем кыпчуу. *Сагынгандай сүйөп маңдай, Кыстым тааныш колуңду* (Нуркамал). *Такымына кысып алган кетмени гана күнгө чагылышып жалт-жалт этет* (Сыдыкбеков). *Кыздан чыккан тынары, Кызматын кыса кылалы* («Эл адабияты»). 2. *өт.* Кыйноо, кыстоо. *Бүгүн берип карызга, Эртең тап деп кыспагын* (Осмонкул).

**КЫСА I кысса** менен бирдей. *Байдыкына барганы да, өзүнчө бир кыса* (Даникеев).

**КЫСА II** Өч, кек. *Кысас – кыяматка кетпейт* (макал). 2. Жазасын алуу. *Кандай кордук өткөрдүң, Кысасы жетет көпкөндүн* («Эл адабияты»). *Сарыбай иттин жанына отурду. «Бул кандай күн болуп кетти? Бир иттен башка жанында тири жан калбай... О жараткан, бул эмненин кысасы?»* (Касымбеков). *Бирөөгө ыза көргөзгөн кысасын тартат. Бирөөгө ыргыткан куу сөөк, айланып – айланып өз чыкыйыңа тиет* (Садыбакасов).

**КЫСАП** Эсеп сан. *Карап өзүң санап ал, Канча болду кысабы* («Манас» С.О.).

**КЫСАС КЫЯМАТКА КЕТПЕЙТ** Өч тиги дүнүйөгө кетпейт, өч бул дүйнөдөн алынышы керек деген мааниде. *Биз Төрөштүн кунун кыямат калтырбай кысасын алабыз* (Ш.Үмөталиев).

**КЫСКА** Чолок, келте, узун эмес, узак эмес. *Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз* (Осмонов). *Барган сайын жетилүүдө Кырчын талдын кыскасы* (Бөкөнбаев).

**КЫСКАР** 1. Кыска болуу, узак болбоо. *Күн кыскара берди* (Убукеев). 2. *өт.* Азаюу, мурдагыдай болбоо. *Акжалдын каруусу кетип уламдан-улам анын арымы кыскарды* (Жантөшев).

**КЫСКАРТ кыскар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫСКАРУУ кыскар** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСКАСЫ** Кыскача айтканда, жыйынтыктап айтканда. *Кыскасы, өзүң колхоздо бир күн турсаң да, бизди жок санатпа элге* (Сы-

дыкбеков). *Кыскасы, кылмышым жок эле деңизчи* (Жантөшев). *Кыскасы, иштин жайы ушундай.*

**КЫСКАЧА** Кыска түрдө, узун эмес, кыска гана. *Кыскача кат жазды* (Каимов). *Каттын кыскача мазмуну төмөнкүчө эле* (Сасыкбаев). *Алым эмне үчүн кечиккенинин себебин кыскача айтты* (Жантөшев).

**КЫСКЫЧ** Бир нерсени кысуу үчүн арналган курал.

**КЫСМАК** Кыстоо, кысым. *Кысмакка алуу.*

**КЫССА** *адаб.* Чыгыш адабиятындагы эпикалык текке кирүүчү кара сөз түрүндөгү көлөмү чоң чыгармалар.

**КЫСТА** Кыйын абалга дуушар кылуу, аргасыз кылуу, кыйноо, мажбур кылуу. *Заматта алып өтүп агын суудан, Бар өңдүү арт жагымдан кыстап турган* (Үмөталиев). – *Айганышты кыстаба* (Сыдыкбеков).

**КЫСТАЛ кыста** этишинин туюк мамилеси.

**КЫСТАЛАК** Көбүнчө эркектерге карата урушкан учурда айтылуучу сөз. – *Кысталак, бучук! – деди Мансур кызык сөздү таап айткандай* (Сасыкбаев). *Сапар: – Зыкым кысталакты бекер ээрчитип келген экенбиз – деп, эрдин тиштенди* (Бейшеналиев).

**КЫСТАЛАҢ** Кысталыш учур, кыйын абал, кысым. *Кысталаң түштү башыма, Калайык, кулак салыңар* («Манас»). *Далилдей албасаңар ушакчы катарында жоопко тартыласыңар, – деп кысталаң кылды.*

**КЫСТАЛЫШ** Кысталган, кысталып-кыйналган кыйын учур, кыйын абалда кал-гандык. *Кытмырдын кыт-кыт күлкүсү, Кысталыш жерде күлкүчү* (Осмонов). *Кысталыш ишке жарайт деп, Ушундай күтүп жүргөн мен элем* («Манас»).

**КЫСТАР** Илүү, илип коюу. *Баштыкты алып керегенин башына кыстарды* (Жантөшев). *Сапма түрлөп салаага оймок кыстарган* («Ала-Тоо»). *Комузду белиңе кыстарып ал* (Токомбаев).

**КЫСТАРТ кыстар** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫСТАРУУ кыстар** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСТАРЫЛ кыстар** этишинин туюк мамилеси.

**КЫСТАРЫЛУУ** Кыстарылган, кыстарылып коюлган. *Керегеде кыстарылуу камчылар.*

**КЫСТАРЫН кыстар** этишинин өздүк мамилеси.

**КЫСТАТ кыста** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫСТОО кыста** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСТЫГУУ кыстык** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСТЫК: деми кыстыгуу** Аба жетпей муунгансып дем ала албай кыйналуу. *Менин демим кыстыгып бара жатат. Жардам бериңиз* (Жантөшев).

**КЫСТЫР** Кыпчытуу, кысып коюу, кыстарып коюу.

**КЫСТЫРТ кыстыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫСТЫРУУ кыстыр** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСТЫРЫЛ кыстыр** этишинин туюк мамилеси.

**КЫСУУ кыс** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСЫК** 1. Эки нерсенин аралыгындагы тар жер, кууш жер. *Терең дайра жалама таштуу кысыктан октой атырылып өтөт* («Ала-Тоо»). – *Эмнеси болсо да шашпагыла! Дал ушул кысыкка келишсин, – деди Жолой* (Жантөшев). 2. *геогр.* Арал менен материктин же эки деңиздин арасындагы кууш келген суу мейкиндиги.

**КЫСЫЛ АҢЫЗ** *туурасы:* **кысыр аңыз.**

**КЫСЫЛ кыс** этишинин туюк мамилеси.

**КЫСЫЛУУ I** Эки жагынан же бардык жагынан кыпчылып калуу. *Буту өтүккө кысылып кирди* (Сыдыкбеков).

**КЫСЫЛУУ II** Уялуу, бир нерсе айта албай корунуу. *Кыз сөз айта албай кысынып турду.* (Гапаров).

**КЫСЫЛУУЧУЛУК** Бардык жагынан кыскан кезде заттын өз көлөмүн өзгөртүү жөндөмдүүлүгү. *Кысылуучулук бардык заттарга мүнөздүү эмес.*

**КЫСЫЛЫШ** Кысылып кыйналган, сы-гылышкан абал, тар жер, учур. *Кысылышта калуу. Кысылыштан чыгуу.*

**КЫСЫМ** 1. Басым. *Кендин кысымы жоон карагайларды чамындыдай былчыратып таштады* (Сасыкбаев). 2. Кыстап күч көрсөтүүчүлүк, кыйноо, кысмак. *Эл балага Жаныбек хандын кысымын айтты* («Жомоктор»). *Атка минерлердин кысымы жандарына таш батырды* (Бейшеналиев). *Мамбеткул досун калайыктын көзүнчө кысымга алганын сезбеди* (Каимов).

**КЫСЫМЧЫЛЫК** Кысталган, кысылган оор абал, кыйынчылык, жетишпегендик. *Жазга жуук, март айынын экинчи жарымынан тартып кысымчылык боло баштайт* (Убукеев).

**КЫСЫН** Тартынуу, батынбоо. *Ачуусу тез кишиден Кысынып турат балалык* (Токтогул). *Кырчылдашар жоо келсе, Кысынбаймын кылчаңдап* («Курманбек»).

**КЫСЫНУУ кысын** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫСЫР** Бооз эмес, туубай калган. *Кысыр уй. Кысыр бээ.*

**КЫСЫР АҢЫЗ** Көптөн бери айдалбаган жер. *Буулантма айдала турган кысыр аңызды айдата бергенбиз* (Убукеев).

**КЫСЫР КАЛДЫ** Эки жашка караган төлдөй элек кой. *Ашырдын кайтарганы жалаң гана кысыр калды* (Жантөшев).

**КЫСЫР ЭМДИ** Кысыр калган энесин ээмп

жүргөн, же эки эне эмген тай, же торпок. *Эки энени тел эмген, Кысыр эмди тайды сой* (Барпы).

**КЫСЫРАК** Жаңыдан үйүргө кошулган кулундай элек байтал бээ. *Кысыр эмди, кысырак – Бээ сойдуруп аламын* («Курманбек»). *Кысыракты кулундай, Жайы, кышы байлаган* («Мендирман»).

**КЫТ I** Сакага, чүкөгө куюлган коргошун. *Кыт куюлган сака.*

**КЫТ II** 1. Катуу, көрсөтпөө, жашыруу. *Ысык-Көл буу чыгарып, болукшуду, Тереңде күрөш күчүн турган кытып* (Турусбеков). 2. Уурдоо, кымтып алуу, жымырып алуу.

**КЫТ III: кыт-кыт күлүү** Акырын, анчалык катуу эмес күлүү, күлкүсү созулбай бөлүнө-бөлүнө чыгуу. *Зарыл эненин кебине кыт-кыт күлөт* (Сыдыкбеков). *Кандайча тааныбайсың деген кезде, Бүбүшжан кыт-кыт күлөт бетин чымчып* (Осмонов).

**КЫТ КУЙГАНДАЙ** Оор, салмактуу, эп келише калган, жараша түшкөн. *Ыманкул акенин аземдеп соккону кыт куйгандай кынапталып, беттери мисирейип турчу* (Жусупов). *Ээрге олтурушу кыт куйгандай бекем* (Сыдыкбеков).

**КЫТА** Сыртынан жабуу, сырт жагынан калкалоо. *Кыта кылып кесектен, Тизип коёт бир күнү. Кыз-келиниң көңүлүн, Үзүп коёт бир күнү* (Эл ырлары).

**КЫТАН: көк кытан, ак кытан** Узун буттуу, узун тумшуктуу, моюну узун саз канаттуулары.

**КЫТАТ** 1. Кара боёк. 2. *өт.* Капкара. *Окшош кылып күзөгөн, Кытат кара чачтары* (Токомбаев).

**КЫТАТТА** Кытатка боёо, капкара кылуу (мис. чачты, мурутту).

**КЫТАТТАТ кытатта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫТАТТОО кытатта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫТГА** Дүнүйөнүн жер бөлүктөрү. *Асирдин ушул кезинде, Беш кытганын жүзүндө, Илимсиз эл жок экен, Бизден башка эч жерде* (Эмилов).

**КЫТКЫЛЫКТА** Кыт-кыт күлүү. *Келин кыткылыктап дагы күлдү* (Токомбаев). *Итикенин кыткылыктаган күлкүсү чыкты* (Убукеев).

**КЫТКЫЛЫКТОО кыткылыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫТМЫР** Куу, митайым. *Арамдык, кытмыр кыял, көрө албастык, Өзүңдү өйдөлөтпөй тартар артка* (Осмонов). *Капсалаң кытылдап кытмыр күлгөн болду* (Бейшеналиев).

**КЫТМЫРДЫК** Куулук, митайымдык. *Бар экен го, Чүрөгүм, Кытмырдыгың ичиңде!* («Семетей»).

**КЫТЫ I кыт II** менен бирдей.

**КЫТЫ II: кыты-кыты** Бирөөнү күлдүрүү үчүн колу менен кытыгылаганда айтылуучу сөз. *Кайран жеңемдин кытыгысы жазылар бекен, кыты-кыты* (Маликов).

**КЫТЫГЫ** Көбүнчө колтукка, таманга, тамакка башка бирөөнүн колу тийгенде күлкү келүүчү сезим. *Кытыгың бар экен ээ?! – Бегимов күлдү* (Сасыкбаев). *Алда, карындаш ай, кытыгымды келтирбечи* («Ала-Тоо»).

**КЫТЫГЫЛА** 1. Кытыгысын келтирүү. *Бир оокумда бирөө бетимди кытыгылагансыйт* (Токомбаев). *Кыюун таап кезинде Кытыгылап каласың* (Осмонкул). 2. *өт.* Сезимди эргитүү, ойготуу, толкундатуу. *Кытыгылап кыялды Ырдагымды келтирет* (Үмөталиев). *Мактaшып сулуулукту акын куштар, Санааны кытыгылап сайрап жатты* (Турусбеков).

**КЫТЫГЫЛАШ кытыгыла** этишинин кош мамилеси.

**КЫТЫГЫЛОО кытыгыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫТЫЙ** Кылыксынуу, уялуу. *Кыргыек куштай кытыйып, Кыз кылыктуу болуучу* («САЖИ»).

**КЫТЫЛДА** Кыт-кыт этип күлүү, кыткылыктоо. *Назик көзүн үлүңдөтүп кытылдады* (Бейшеналиев). *Капсалаң кытылдап күлдү.*

**КЫТЫЛДАТ кытылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫТЫЛДОО кытылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫТЫР I** Катуу, оор, тыкыр. *Сенин адресиңе айтылган сынды кытыр көрбөгүн* (Бейшеналиев). *Кокус кытыр сөз айтып жиберемби деп Шарип сактанат* (Бейшеналиев).

**КЫТЫР II** Катуу нерсени майдалап кемирүүдөн чыккан сыяктуу дабыш.

**КЫТЫРА** Кытыр-кытыр этүү. *Кытмырдын ичинде кытыраган ташы бар, кыйын болсо бир табак* (Осмонов). *Кычандын кайраттуу чачы кытырап мокок устарага күч менен баш ийүүдө* (Бейшеналиев). *Чычкандар кытыратып жатып жүгөрү салынган каптардын баарын тешип салышыптыр.*

**КЫТЫРАК** Кытырап турган. *Кытырак боорсок.*

**КЫТЫРАТ кытыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫТЫРОО кытыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫТЫЮУ кытый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫХ** Балдардын тили: жаман, булганыч. *Хых, жаман экен!*

**КЫЧА** Күчөө, ого бетер күчөө, кычаштык кылуу. *Жумуш күчөп турганда, жанагы Сатардын саякат деп кычаганы жакшыбы?* (Таштемиров). *Суук шамал нымдуу кар бир жагынан кычап, жерди ылайлады* (Сасыкбаев).

**КЫЧАШТЫК** Ыгы жок тийиштик, кошо жарышып күчөгөндүк. *Кычаштык кылып, Каныш ага көп асылат* (Убукеев).

**КЫЧАШЫП КЕТҮҮ** Өзүн кармай албай обу жок ишке баруу, козутуу, жаңжалды күчөтүү. *Ушул сөздү айтпай жөн тургандын ордуна кычашып кетти* (Каримов)

**КЫЧКАЧ** Чокту, чычаланы, ысык темирди ж.б. кыпчып кармоо үчүн ылайыкталып темирден жасалган курал. *Энеси эңкейип жерден кычкач алды* (Бейшеналиев). *Чоң ата очоктогу кызарган чокту кычкач менен кармап алды да, самоорго салды.*

**КЫЧКЫЛ** Ачкыл. *Алма бирде кымызга окшоп кычкыл болсо, бирде бал татыйт* (Байтемиров). *Гүлайымдын көңүлү кандайдыр бир кычкыл нерсени тилегенсийт* (Абдукаримов).

**КЫЧКЫЛДАН** Ачып чыгуу, ачуу.

**КЫЧКЫЛТЕК** *хим.* Дем алууга, күйүүгө зарылдыгы бар жана суутек менен кошулуп сууну түзүүчү, аба курамына кирген түссүз, жытсыз газ, химиялык элемент.

**КЫЧКЫЛТЫК** *диал.* Кычкыл даамы бар нерсе. *Уйга кычкылтык керек болсо силос салабыз.*

**КЫЧОО кыча** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЧУУСУ КАНУУ** Моокуму кануу, канааттануу, ырас болуптур деп жыргай түшүү, табасы кануу. *Э, бут уруунун шагын сындырган Серкебайдын башы жер сайса экен, – дешип, кычуусу каныл, Тазабекти жактай олтурушту* (Сыдыкбеков). *Чукуй айтылган сөзгө кычуусу канган студенттер жер тепкилеп, күлкүнү ого бетер коштошту* (Бейшеналиев).

**КЫЧЫ I** 1. Сары гүлдүү, уругунан май чыгарылуучу өсүмдүк. 2. Эгиндин арасына чыгуучу сары гүлдүү отоо чөп. *Айдалбаган аянтка сары кычы өскөн.*

**КЫЧЫ II** Колду, бутту, денени баскан калың кир. *Бүткөн бой кычы, карачы, Терге бою жешилип* (Токтогул).

**КЫЧЫ III** Чыр, жаңжал чыр чатак. *Кычы сөз издеп чукулап, Эл көп жерде кутурат* (Шүкүрбеков).

**КЫЧЫГЫНА ТИЙҮҮ** Бирөөнө тийишип, ачуусун, жинин келтирүү, кыжырын кайнатуу. *Тамаша иретинде бири-биринин кычыгына тийишип, кызыраңдап калышчу* (Сасыкбаев). *Байкадыңарбы, кечээ жолдо чындыкты айтып кычыгына тийдим* (Бейшеналиев). *Календин ушул сөзүн оңдусолду айтып, Каратаздын кычыгына тийип алган* (Нурпеисов).

**КЫЧЫК I** Эки нерсенин кошулган көңдөй жери, бурчу, чети; коңултак жер. *Бектур колун чоң эшиктин кычыгына салып, тээкти чыгарды да ээн бөлмөгө кирди* (Сасыкбаев).

**КЫЧЫК II: кычык сүйлөө** Тийиштик кылуу, бирөөнүн ачуусун келтирип сүйлөө, бирөөнү какшыктап, тийише сүйлөө. *Өмүрбек да тигинин шылдың аралаш тамашасына карата кычык сүйлөдү* (Байтемиров).

**КЫЧЫК СӨЗ** Бирөөгө тийишип, чырчатак чыгара турган жагымсыз сөз. *Кычык сөз укканды эле кыжырлантпай, айткан-ды да анча-мынча ачууркантары айдан ак го* (Ашымбаев). **В.: Кычы сөз.** *Дүйшөнгө кычы сөз айтып, ого бетер көкүтүп туруучу* (Жусупов). **Кычыткы сөз.** *Кычыткы сөздөн жададык.*

**КЫЧЫК СҮЙЛӨӨ** *к.* **кычык II.** *Өмүрбек да тигинин шылдың аралаш тамашасына карата кычык сүйлөдү* (Байтемиров).

**КЫЧЫЛА** 1. Чыр кылуу, кычы сөз айтуу, чыр салуу. *Ашуу ашып, ар жакка биз өтөр кезде, Өткөзбөй.. карool кычылады* («Жазгыч акындар»). 2. Денедеги кирди чыгаруу.

**КЫЧЫЛАШ** Чыр чыгаруу, чырдашып айтышуу, кычы сөз айтып чатакташуу.

**КЫЧЫЛАШУУ кычылаш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЧЫЛОО кычыла** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЧЫЛУУ** Абдан кир, кычы баскан. *Кычылуу кол.*

**КЫЧЫМА** *диал.* Кычып кеткен айран, максым.

**КЫЧЫР** Каалганын сүрүлө жабылышынан, катуу нерселердин сүрүлүшүнөн ж.б. келип чыккан сыяктуу дабыш. *Камканын үйүнүн эшиги кычыр этип ачылып кетти* (Сыдыкбеков). *Керебет кычыр эткен сайын жүрөгү зырп дей түшөт* («Ала-Тоо»).

**КЫЧЫРА** Кычыр эткен дабыш чыгуу. *Аттын туягынан кычыраган дабыш алда кайда угулат* (Бейшеналиев).

**КЫЧЫРАГАН СУУК** Катуу суук. *Кычыраган кышкы суукта асманга түйүлгөн азоолорду боолук салдырып карматып үйрөттү* (Бейшеналиев).

**КЫЧЫРАТ кычыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЧЫРОО кычыра** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЧЫРООН** Кышкы сууктун аябай күчөгөн учуру.

**КЫЧЫТКЫ: кычыткы сөз** Тийише айтылган сөз, кычык сөз. *Чынында мунусу алардын ортосун кошуу эмес, ачуу үчүн айтылган кычыткы сөз* (Каимов).

**КЫЧЫШ** Дененин бир жери козуп дүүлүгүү. *Шабыраалынын алаканы кычыша түштү* (Байтемиров).

**КЫЧЫШТЫР кычыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЧЫШУУ кычыш** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫШ I** Ылайга топон же саман кошулуп жасалган кирпич. *Кыш куюу маселеси чечилди, малчылар өзүбүз куябыз деп милдеттенме алышыптыр* (Байтемиров).

**КЫШ II** Жылдын күздөн кийин келүүчү суук мезгили. *Кыш өкүмү баскан менен кырларды, Колхозчуда токчулуктун жыргалы* (Осмонов). *Жылуу кийим камдайлы, Кыш мезгилде киерге* (Тоголок Молдо).

**КЫШ III: кыш-кыш** Демигип, энтигип, күйүгүп калганда, көкүрөк кирилдегенде чыккан сыяктуу дабыш. *Онтолой басып, үшкүрө-бышкыра кыш-кыш этишет* (Убукеев).

**КЫША** Камыштан чий сыяктуу чырмалган калканчы. *Жалаң кабат аарчылган камыштан токулган кыша калган, сыртынан күн оңдуруп, ичинен ыш карартып, туурдугу көөнө.*

**КЫШКЫ** Кышындагы, кыш мезгилиндеги. *Эркелеп салкынырaак закым жүрүп, Чыкыроон кышкы суукта болду карып* (Турусбеков). *Ай нурунда кышкы түн –Айран төгүп койгондой* (Токомбаев).

**КЫШКЫСЫН** Кышында, кыш бою, кыш мезгилинде.

**КЫШТА** Кышты бир жерде өткөрүү. *Кыштооңордо кыштай бергиле* (Сыдыкбеков). *Шаарда жылуу үйдө кыштап чыгышса, жайкысын жайлоого кетишет.*

**КЫШТАК** Анчалык көп эмес калк отурукташкан айыл. *Кыштак чакан шаарга айланган* (Сыдыкбеков). *Тетиги жашыл даракка чөмүлгөн кыштак жазуучунун туулган жери.*

**КЫШТАКТАШ I** Кыштагы бирге, бир кыштактан, айылдаш.

**КЫШТАКТАШ II** Кыштак салып отурукташуу. *Кечээ көчмөн айылым Кыштак-ташып жаңырган* (Бөкөнбаев). *Анда эл али кыштакташа элек убак* (Каимов).

**КЫШТАКТАШУУ кыштакташ** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫШТАТ кышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫШТОО I** Кышында кыштай турган жер. *Кара-Кол – жайында жайлоо, кышында кыштоо* (Каимов). *Эл жайлоодон кайра тартып, кыштоолорго жакындаган кез* (Бөкөнбаев).

**КЫШТОО II кышта** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫШТООБАЙ** *аңч.* Кышында туулган бөжөк.

**КЫШТЫК** Кышында пайдаланылуучу, кыш мезгилине таандык. *Кыштык кийим. Кыштык отун.*

**КЫШТЫН КЫРААН ЧИЛДЕСИНДЕ** Кыштын эң суук мезгилинде, сууктун эң катуу учурунда. *Бирок кыштын кыраан чилдесинде башка мектепке кетип Саадатка убалырaак болор* (Абдукаимов).

**КЫШЫЛДА** Кыш-кыш этүү, демигүү. *Кыпчы куйрук, жылкычы чымчыктар, кышылдаган үпүптөр пайда болду. Чоң Койчу кышылдап калгандыктан дароо жооп кайтара албады* (Жантөшев).

**КЫШЫЛДАТ кышылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫШЫЛДОО кышылда** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫШЫН-ЖАЙЫН** Жыл бою, кышкысын да, жайкысын да. *Кышын-жайын семиртип, Жылкыны жакшы баккыла* (Үсөнбаев). *Токсон койду бир койчу Кышын-жайын кайтарчу* (Борбугулов).

**КЫЮУ I** 1. Төшөктүн, жууркандын, калпактын четине кармалуучу тилке. *Макмал кыюу ак калпак, Жанында турган жигитти Ыргыт деди башыңдан* (Тоголок Молдо). 2. Кандайдыр бир иштин, сөздүн ж.б. ылайыктуу учуру, ыгы. *Ошонун баарынын кыюусун келтирген Ашым балаңыз болуп жүрбөсүн* (Каимов). *Кыюусу келсе сөзүңдүн, Кезектүү кептен уялба* (Токтогул).

**КЫЮУ II кый** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЮУЛА** Бир нерсенин четине (төшөктүн, калпактын ж.б.) кездемеден кыюу салуу. *Жаңылап кара чий баркыттан көрпөчө тигип, жээгин кыюулап, татынакай тердик жасап берди* («Ала-Тоо»).

**КЫЮУЛАТ кыюула** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЮУЛОО кыюула** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЮУСУН ТАБУУ** Ыгын келтирүү, амалайласын табуу, эп келиштирүү. *Кыюусун таап сөз айтсам, Кылгыра түштү көздөрүң* (Сарногоев). **В.: Кыюусун келтирүү.** *Карыя кыюусун качан келтирер экенмин деп, кыбыр этпей аңдып отурду* (Нурпеисов). **Кыябын табуу.** *Кыябын таап сүйлөө.*

**КЫЯ I** 1. Тоонун жантайган боору, тике болбой кыйгачтай кеткен эңкейиш. *Аркар, кулжа кайберен, Аралап бийик кыядан* (Нуркамал). 2. Тике же түз эмес, кыйгач абал. *Кылычты кыя байланып* («Манас»). *Калый Малиновскийди кыя карап күбүрөдү* (Сасыкбаев). *Кыя салып өтөмүн Кыз-Жайлоонун кашынан* (Тоголок Молдо).

**КЫЯ II** Өсүмдүк, чөп, тал. *Кыя бою өсө элек, Кыз ботом жерге жашынды* («Эл адабияты»).

**КЫЯ БАСПОО** 1. Абдан урматтоо, сыйлоо, кадырлап ийменүү. *Кыя баспай алдыңан Кол куушуруп турайын* (Жантөшев). *Астыңан кыя баспай, айтканыңды аткарам* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсени текке кетирбөө, бир нерседен кур калбоо, андан пайдалануу. *Олжодон кыя баспайт. Кенчтен кыя баспайт.* **В.: Кыя өтпөө.** *Бирөөнү тамашага чалып, бозо, эт-ашын жайнаткандардан кыя өтпөгөн манаптын шылуун жигитине кайрылды* (Бейшеналиев).

**КЫЯ БАСТЫРБОО** Туткактоо, тап жылдырбай андуу. *Кыя бастырбай артыман такымдап жүрдү* («Ала-Тоо»). *Кыя бастырбай күнүгө жемелеп турчу болду* («Ала-Тоо»).

**КЫЯ ӨТКӨРБӨӨ** Өткөрүп жибербей пайдалануу, текке кетирбей учурунда пайдаланып калуу. *Андай иштерди кыя өткөрбөй турган адам. Эркекыздын кыраакы сезими муну кыя өткөрбөдү* (Байтемиров). **В.: Кыя кетирбөө.** *Ал эч нерсени кыя кетирбейт. Бирок анын сырын аялы кыя кетирбейт эмеспи* (Байтемиров).

**КЫЯ ТАП** Абдан табына келген. *Кыя тап келген күлүктөр, Чуркабай карап турабы* («Эр Табылды»).

**КЫЯ-ЧИЕ** Каршы-терши, кайчылашкан. *Кыя-чие зымырылган машиналар. Даша азыр кыя-чие болгон темир жолдун үстүндө турат* (Сасыкбаев).

**КЫЯБАН** 1. *диал.* Аллея. 2. Тасмадай чубалган. *Кызыл селдесин башына кыябан кылып оронгон, сулуу, кара сакал Али-Хажи сүткордун ырахматын алчу* (Абдыраманов).

**КЫЯБЫ КЕЛБӨӨ** Учуру, ыңгайы болбоо. *Ушундай сезим бийлеген шарттарда сөзсүз жолугушалы деген жыйынтыктарга келет, бирок жолугуулардын кыябы түк келбейт* (Абдыраманов).

**КЫЯБЫН ТАБУУ** *к.* **кыюусун табуу.**

**КЫЯЗ** Тиленүү, суранyy.

**КЫЯЗЫ** Сыягы, кебетеси, болжолу. *Кыязы, уулу Эркинбек бүгүн үйгө келбеген өңдүү* («Ала-Тоо»).

**КЫЯК I** 1. Эки жагында баскычтары, ортосунда көрүк сыяктанып бүкмөлөнтүп жасалган бөлүгү бар, абанын жардамы менен ойнолуучу музыкалык аспап. *Комузун чертип окшотуп, кыягын тартып боздотуп* (Тоголок Молдо). 2. Кээде гармонь, кыл кыяк, ооз кыяк дегендин ордуна колдонулуучу жалпы сөз.

**КЫЯК II** Узун ичке жалбырактуу, эгер жалбырагын жогору жагынан төмөн карай сыдырса, колду тилип кетүүчү чөп өсүмдүгү. *Кара кыяк, бетеге Тукабадай кулпунган* (Барпы).

**КЫЯК III** Ок өтпөс соот, чарайна.

**КЫЯКЧЫ** Кыякта ойноочу киши. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы чоорчу экен* (Жантөшев). *Кыякчыбыз Бондарев сонун күүлөрдү тартат* (Сасыкбаев).

**КЫЯЛ I** 1. Элдик көркөм кол өнөрүндө, узчулукта чыгармачылыктын жогорку чеги. 2. Элдик көркөм оюмдун жана көчөттүн жалпы аталышы. 3. Оюунун бир түрү. *Үзүк менен жабык баш, Баарысын кыял ойдурган* (Тоголок Молдо). *Кыл кыял чаап чийдирген, Чагарагын алтын сомдогон* («Манас»).

**КЫЯЛ II** 1. Ойлогон ой, тилек кылган, эңсеген ой, фантазия. *Ташыган дарыядай кыял чиркин, Отуруп ойго кеттим түркүн-түркүн* (Бөкөнбаев). *Таттуу кыялына алданган Зарыл арыкты бойлой басты* (Сыдыкбеков). 2. Мүнөз. *Жинди кыял көпкөн эр, Жатып ойноп бүткөн эр* («Семетей»). *Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр.*

**КЫЯЛ КҮТҮҮ** Мурдагыдай болбой мүнөзү өзгөрүлүү, көбүү, менменсүү, дердейүү. *Кыял күтүп, салам айтсаң алик албай калган кези экен.* **В.: Пейил күтүү.** *Пейил күтүү эси жоктун иши. Пейил күтүп калыптыр.*

**КЫЯЛА** Кыя жол менен жүрүү, жантайма бет менен кыйгачтай жүрүү. *Кыялап борчук жол менен, Кырк чамалуу кол менен* («Эр Табылды»). *Ар жерден боз үйлөрдү көзүң чалат, Кыялап машинада бара жатсаң* (Шүкүрбеков).

**КЫЯЛАТ** Кыжалат. *Кылыгы жакшы Динарым, Кыялат кылат кумарың.*

**КЫЯЛДАН I** 1. Терең ойго чөмүлүү, кыялга батуу. *Жер тиктеп көпкө турдум айран калып, Түбү жок ойго батып, кыялданып* (Осмонов). *Кызык көп кыялданып карап турсам* (Турусбеков). 2. Ой кылуу, ойго келүү. *Бүгүн да ошол сөздү улантууга кыялданып келатат* (Байтемиров). *Агай менен чоң балдар мени ээрчитпеске кыялданышты* (Таштемиров).

**КЫЯЛДАН II** Кыял күтүү, мүнөз көрсөтүү. *Кыялданып сүйлөсө, Кырчындай жаштар кызыгат* (Токтогул). *Кыялданып келчи элең, Күзгүгө чачың таранып* (фольк.).

**КЫЯЛДАНТ кыялдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**КЫЯЛДАНУУ кыялдан** этишинин кыймыл атоочу.

**КЫЯЛДУУ** 1. Кыялга баткан, ойго баткан, ойлуу. *Кыялдуу сасык туман ойду жеңип, Коштошуу сөзүн айтты колун берип* (Турусбеков). 2. Мүнөздүү, мүнөзү бар. *Жарыктык бар кыялдуу ата – Миңбай, Көз ирмеп башка жакка көңүл бурбай* (Абдыраманов).

**КЫЯЛКЕЧ** Оюю менен бүтүргөн, аракетсиз ойлой берген. *Кызыксыз менин жомогум, Кыялкеч жан деп түшүнбө* (Закирова).

**КЫЯЛУУ** Кыясы бар, кыя жердүү. *Нечендер жүргөн кыйналып Кыялуу жолдун тарынан* (Барпы).

**КЫЯЛЫ ЧОРТ** *к.* **кыялы чукул.** *Бердинин ачуусу чукул, кыялы чорт* (Жантөшев).

**КЫЯЛЫ ЧАТАК** Урушчаак, кежир. – *Баары жакшы, түгөнгөн кишинин кыялы чатак, оюна келгенин бербейт* (Өмүрбаев).

**КЫЯЛЫ ЧУКУЛ** Ачуусу тез келме, тез эле ачуулана кетме, оройураак. *Чоң атасынын кыялы чукул экенин билген бала оюндагысын айталбай кыжалат болуп турду* («Ала-Тоо»). **В.: Кыялы чорт.** *Кыялы чорт, аракеч күйөө Асылкандын жүрөгүнүн сары суусун алды* (Өмүрбаев).

**КЫЯМ** 1. Ордунан тике туруу. *Сүрөлөрүн окуп, кыямга туруп калышты* (Жантөшев). 2. *өт. диал.* Түштүк тарап, түштүк жак, *Кытайдын кыям жагында* («Манас»). 3. Күн жүргөн жак (так төбө эмес, андан бир аз кыйгачыраак маанисинде). 4. Кыйгачы (туу-

ра туш тарабы, же дал ортосу эмес, андан кыйгачыраак жагы). *Кыямы жатыр төмөнкү, каблыстан жеринде* («Манас» С.О.).

**КЫЯМАТ** 1. *дин.* Өлгөн адам кайра тирилгенде кыйнай турган жер, тиги дүйнө. *Кыямат жолун көздөгөн, Кыргызда сопукалпанын, Анда, Токо, кыймылдайбы чокусу?* (Токтогул). *Бул дүйнөдө болбосо, кыяматтык болом дейт* («Эл адабияты»). *Пайгамбардын үммөтүн жолдой көргүн, Кыяматта ыйман берип колдой көргүн* (Баласагын). 2. *өт.* Азап, кыйынчылык. *Байкаган жок Мендирман Кыямат болуп жатканын* («Мендирман»). *Кыямат түшүп башыма – Токоң карып кеткен болучу* (Токтогул). *Кыяматтан качып безилдеп, Кыйкырышат суулар канымда* (Акбаров).

**КЫЯМАТ БОЛУП УРУШУУ** Аябай катуу жаңжалдашуу, жакалашууга чейин баруу. *Ал экөөбүз кыямат болуп уруштук* (Каримов)

**КЫЯМАТ ЖАЙГА КЕТҮҮ** Өлүү, көзү өтүү. *Кыяз жүгүрүп барып, шумкарды чыгарып алды, бирок кымбат шумкар кыямат жайга кеткен окшойт* (Эшмамбетов).

**КЫЯМАТ ЖОЛДОШ** Түбөлүк жолдош, түбөлүк дос. *Артыкча тулпар мал экен, Адамча сүйлөп Чалкуйрук, Элемандын Төштүккө Кыямат жолдош мал экен* («Эр Төштүк»).

**КЫЯМАТ ЖҮЗҮ** *же* **о дүйнө жүзү** Тигил дүйнө, өлгөндөн кийинки орун, жай. *Кан Көкөтөй абаңыз О дүйнө жүзүн көрөбү* («Эр Төштүк»). *Тирик эмес, өлүкмүн, балдар, Кыямат жүзүн көрүпмүн, балдар* («Эр Төштүк»).

**КЫЯМАТ-КАЙЫМ** 1. Акыр заман. *Кыямат-кайым жүргөндө, Кырсыгын тоорул жеңгенби?* («Эл адабияты»). *Бу сайга эми кайра дагы кыямат-кайым болгондо эле сел жүрбөсө, ушинтип тура берет кейпи, качан келишин күтүп* (Жусубалиев). 2. *өт.* Бүлгүн, кыйроо, талкалануу, жок болуу. *Кырк баатырдын белгилүү, Кыямат кайым салышы* («Манас» С.О.). *«Кыямат күнү катуу» – деп* («Манас» С.О.).

**КЫЯМАТ-КАЙЫМ БОЛГОНЧО** Өлөрөлгүчө, түбөлүк, дагы далайга чейин. *Кыямат-кайым болгончо Кызматыңа турайын* («Манас»).

**КЫЯМАТТЫК** 1. Кыяматка таандык, кыяматта болуучу. 2. *өт.* Түбөлүк, кандай кыйынчылык болсо да чыдай турган. *Алп каракуш зор кушка, Кыяматтык дос болуп* («Эр Төштүк»). *Кыяматтык дос болуп, Санаага түшсө көп пикир* (Казыбек).

**КЫЯМАТТЫН КЫЛ КӨПҮРӨСҮ** 1. *дин.* Бейишке баруучулар гана өтүп кетиши мүмкүн болгон кылдан ичке, бычактан миздүү көпүрө. *Анысы азыр адам менен жерди кыяматтын кыл көпүрөсүнө такап койду* (Бердикеев). 2. Өтө кыйынчылык, катаалдык менен, азап тартып бүтө турган, абдан кыйын иш.

**КЫЯН** Жамгыр нөшөрлөп жааганда жүрүүчү сел. *Тар капчыгайда кыян жүрсө аска кулап, таш басып калышы мүмкүн* (Сасыкбаев). *Балгарттын суусу кириптир, Башынан кыян жүрүптүр* («Эр Табылды»).

**КЫЯНАТ** Бирөөгө карата жаман ой менен кылынган иш, тоскоолдук. *Ак пейилдүү азамат, Адамга кылбайт кыянат* (Токтогул). *Мен курбума ыраазымын, ак көңүл, эч бир жанга кыянатын көрбөдүм* (Токомбаев).

**КЫЯНАТТУУ** Жамандык издеген, кара санатай. *Кыянатты жана айтат, «Кыянаттуу капыр» деп* (Тоголок Молдо). *Кыянаттуу иштерге, Кыйналсам кайдан табылам* (Казыбек).

**КЫЯНАТТЫК** Кара санатайлык, бирөөгө жакшылык кылбагандык, кыянат кылгандык. *Өзү эле ушундай кыянаттыгы менен жаман көрүнөт* (Каимов). *Асылжанга шык берүүнүн ордуна, Бөөдө бизге кыянаттык кыласыз* (Осмонкул).

**КЫЯНАТЧЫ** Бирөөгө кыянат кылуучу, жаман ойлуу, кара санатай. *Мектептин дубалы ураса же багы куураса көрүшүп бериңиз. Антпесеңиз кыянатчысыз* (Сыдыкбеков).

**КЫЯНАТЧЫЛ** Кыянаттуу, кыянат кылууну жакшы көргөн. *Кыянатчыл кырк чоро Аянбай чырды баштады* («Семетей»).

**КЫЯНАТЧЫЛЫК** Кыянат кылуучулук, кыянат көрсөтүүчүлүк, кара санатайлык. *Адамдын асылы бирөөнүн, өмүрүнө кыянатчылык кылбайт* (Сыдыкбеков). *Эң мурун эле кызыл аскерге жаңыдан киргенде берген антты бузуу – элдин өмүрүнө, жердин көркүнө кыянатчылык кылгандык* (Бөкөнбаев).

**КЫЯН-КЕСКИ** Кыйды, митаам, шылуун. *«Кылгыйма», «кыян-кески» бир макалда Экөө тең текши жүрөт бир катарда* (Тоголок Молдо). *Кыян-кески Чалкалмак Кыядан жолду тосконбу* («Эр Табылды»). *Кишинин баары эле сендей кыяң кески эмес го деди* («Чалкан»). *Анын кыяң-кески мүнөзүн байкаган Кадыр иренжий түштү* («Ала-Тоо»).

**КЫЯҢКЫ** *эск.* Арамзаа, куу, көптү көргөн, көк чоку деген мааниде. Кээде «кыяң-кески» деген кош сөз болуп айтылат. *«Кош, кош!» десе, кыяңкы кой кошокко өзү кошулат* (Эл сөзү).

**КЫЯП** 1. Тап. *Куш кыябына келди.* 2. Эп, ык, ыңтай, оңтой, арга, амал, айла. *Кай бир иш өз кыябына келмейинче, жашыруун болушу да мүмкүн* (Жантөшев). *Кыябын таап, ал-жайды сурашууга дити барбайт* («Ала-Тоо»).

**КЫЯПАТ** Түр, көрүнүш. *Саламаткандын кыяпатын Анархан байкабады* (Жантөшев).

**КЫЯР I** 1. Амал-айла. 2. Амал-айла өнөрүнө ээ адам. Кээде окумал, амалдуулуктун окуусун билген катары да айтылат. 3. *өт.* Акылман, билгич, көрөгөч. *Кыйын экен кыя-*

*ры* («Манас» С.О.). 4. Митаам, амалдуу, айлакер, сыйкырчы. *«Кылымдан ашкан кыяр» – деп, Ааламдан ашкан аяр – деп»* («Манас» С.О.). *Кыярчы кыйын эл деген* («Манас» С.О.). *Ар батка ар адамда ар кыл кыял, Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр* (Осмонов). *Өчөшкөндөй кыяр Дүрбөн болуш «Теричи тезекбайга жер берип, кызын токолдукка алыптыр» – деген каңшаар тараган* (Абакиров).

**КЫЯР II** Бир аз кызара, өңү бурула баштоо. *Кыярып бышкан ак эгин* (Осмонов).

**КЫЯРУУ кыяр II** этишинин кыймыл атоочу.

**КЭШТӨӨ** *инф.* Маалыматты пайдаланууну эффективдүү уюштуруу.

**КЭЭ I** 1. Кусур, убал. 2. Кесир, туура эмес иштелген иш. *Айтканың балдар кээ кылат* («Манас» С.О.). *Тийип алат бээңди, Чыгарып кетет бул жетим, Капкайдагы кээңди* («Семетей»).

**КЭЭ II** Айрым, кайсы бир. *Ошентсе да кээ кыздарча, Гүлнарга калганда, улуусунуп мүнөз күтүүчү эмес* (Сыдыкбеков).

**КЭЭ БИР** Айрым бир, кайсы бир.

**КЭЭ БИРДЕ** Кээде, айрым учурларда.

**КЭЭ БИРӨӨ** Айрым адамдар, кайсы бир адамдар.

**КЭЭДЕ** Айрым учурда, кээ бир учурларда, кайсы бир убакта. *Омор кээде топ эткизип санын чаап коёт* (Сыдыкбеков). *Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун, Толкуса толкунуна тең ортокмун* (Осмонов). *Кээде мага назар бурбай, иче бергиле, мен тойдум деп койчу* (Усубалиев).

**КЭЭЖИМ** 1. Ичине жибек салып шырылган күрмө, илгери баатырлар сооттун ичинен кийген. 2. *өт.* Жибектин бир түрү. *Аттанарда аларга Ак кээжим кымкап кийгизген* (Тоголок Молдо).

**КЭЭЛИГҮҮ** Тынчтануу, токтолуу.

**КЭЭР I** Залака, таасир, калдык. *Ачуунун кээри менен оозуңузга келгенди айтып жатасыз* (Каимов). *Кабыргага таштай баткан жокчулуктун кээри бат кете койбосо да, кеңчилик берешен колун энеге да сунду* (Касымбеков).

**КЭЭР II** Кекээр, кекээрлүү, какшыктуу сөз.

**КЭЭРДЕ** Кээр сөз айтуу, какшыктоо. *Жайлообай Базарбекти дагы кээрдеди. Эшегин токуп ээрдеп, Энесин тилдеп кээрдеп* (Тоголок Молдо).

**КЭЭРДҮҮ** Кээр сөздүү, какшыктуу. *Отор уулуна кээрдүү сүйлөдү* («Ала-Тоо»).

**КЭЭРИ КЕТҮҮ** Берекеси кетүү, куту, куну учуу, баштагыдай болбоо, начарлоо. *Үч күндөн бери жетекчиликтин да кээри кетти. Айрым мекемелердин тейлөө иштеринин да кээри кете баштаган* («Кыргыз Туусу»).

**КЭЭСИН ЧЫГАРУУ** Өч алуу. *Чыгарамын Букардын Капкайдагы кээсин* («Манас»). *Баягынын кээсин чыгарды деп тим болду* («Чалкан»).

**КЮВЕТ** 1. Крепосттун сыртындагы суу толтуруучу терең аң. 2. Жолдун эки жагына суу агыш үчүн бойлото казылган арык. *Прицеп кюветке түшүп калыптыр. Кудай урган экен!* (Айтматов).

# Л

**ЛА-СКАЛА** Дүйнөлүк музыка маданиятынын борборлорунун бири.

**ЛААЗЫ** Майдаланган кызыл калемпирге кызытылган өсүмдүк майын аралаштыруу менен даярдалган ачуу татымал. *Лаазыны көбүрөөк кошкон лагмандан бир кесесин алдыга койду.*

**ЛААЗЫМ** 1. *диал.* Ыраазы. *Биздин үйдөгү буга да лаазым.* 2. Керек, зарыл. *Баланын атын тилек менен, үмүт менен коюу лаазым.*

**ЛААИЛААХА ИЛЛАЛЛАХ** *дин.* Ислам дининин эң башкы жана эң маанилүү жобосу.

**ЛААЛ** Акак, асыл таш.

**ЛААЛА** Гүл, кызыл гүл, тюльпан. *Экөөбүз – экөө болгону, досум, Экөөбүз атка конгону, досум, Абал бир баар – жаз эле, досум. Адыр-түз лаала саз эле, досум* (Байзаков).

**ЛААНАТ** Каргыш тийген, каргышка калган. *Башкы атасы маңгулдан, Басташканын нан кылган, Лаанатты жат кылган* («Манас»).

**ЛАББАЙ** Угуп атам, эмне дейсиз, мен даярмын деген мааниде. *Ляббай, бегим! – деп Сатар атын камчылана келип жанына тура калганда* (Жантөшев).

**ЛАББАЙКА** *дин.* Аллага кайрылууда: «моюн сунамын, угуп атамын, сенин эч бир шеригиң жок жалгызсың» деген маанини түшүндүрүүчү сөз. *Ажылыкка бардыңыз, Абзи ковсар суусунан, Ооз чайкап даарат алдыңыз, Лаббайка деп чакырып, Шайтан туусун качырып* (Акиев).

**ЛАББАС** Кийим, чапан, тон. *Кан алдында турат де, Шайы лаббас киет де* (Чоробаев). *Суйүнгөндөн мол берди, Алтын лаббас тон берди* (Чоробаев). *Сүйүнчүсүн мол берип, Алтын лаббас тон берип* («Эл адабияты»).

**ЛАБИАЛИЗАЦИЯ** (эриндешүү) Тыбыштардын эриндин катышы менен жасалышы.

**ЛАБИИТ** Эриндин сезгеничтүү дарты.

**ЛАБИРИНТ** 1. Жолдордун, өтмөктөрдүн, имараттардын татаал, чытырман жайгаштырылышы. 2. *өт.* Бир нерсенин татаал айкашуусу же чатышуусу, чиеленүүсү. *Ойлордун лабиринти.*

**ЛАБОРАНТ** Лабораторияда иштөөчү техникалык же илимий кызматчы.

**ЛАБОРАТОРИЯ** Илим изилдөө үчүн тажрыйбаларды, сыноолорду жүргүзүүчү имарат, бөлүм, илимий-техникалык тажрыйба жүргүзүү үчүн ылайыкталып жабдылган үй.

**ЛАВА** 1. Жанар тоо атылганда андан агып чыкчу көлкүлдөп эриген масса. 2. Эч кандай тоскоолдуктарга карабаган. 3. *өт.* Зор күч.

**ЛАВАШ** *диал.* Дандырга жабылган нан. *Лаваш жегиле, балдар.*

**ЛАВИЗ** *диал.* Эрин. *Лавизиң ширин халвадай, Күйүп жаным калвады, ай* («Эл адабияты»).

**ЛАВР** Суукка чыдамдуу жалбырактары дайыма көгөрүп туруучу чайырлуу бак. **Лавр жалбырагы** Лавр жалбырагынын татымал катары пайдалануучу жыпар жыттуу жалбырагы.

**ЛАВСАН** 1. Нефть продуктысынан иштеп чыккан синтетикалык буланын бир түрү. 2. Ошондой буладан жасалган кездеме.

**ЛАГЕНА** Үлүл, омурткалуу жаныбарлардын угуу органы.

**ЛАГИЛ** Асыл таш, акак. *Чылк жибекке чырмалып, Жыгылчуудай ыргалып, Лагил алтын жыгасы, Оң чекеде кырданып* («Манас»).

**ЛАГМАН** Камыры колго чоюлуп, суугa бышырылып, куурулган эт кошулуп даярдалган дуңган элинин тамагы. *А беркилер болсо, лагманга сонуркаштыбы, же чын эле аялым жакшы жасаганбы апылдатып жакшы жешти.*

**ЛАГМАНКАНА** Лагман ичүүчү жай. *Лагманканада жыты мурунду жарган лагман даярдалат.*

**ЛАГЫЛ** **лагил** менен бирдей.

**ЛАД** *муз.* Музыкалык добуштардын, ыргактын өз ара айкалышуусу, ар түрдүү бийиктиктеги добуштардын биригип, бир добушка тартылуусу.

**ЛАДЬЯ** *спорт.* Шахматтын мунарага окшогон фигурасы.

**ЛАЖЫМ** *диал.* Мүмкүн.

**ЛАЗАТ** **лаззат** менен бирдей

**ЛАЗЕР** *физ.* Атомдор менен молекулалардан чыккан электромагниттик толкун; оптикалык кванттык генератор.

**ЛАЗЗАТ** Жыргоо, ырахаттануу, ыраазычылык сезим, жан ырахаты. *Андыктан аны жалган лаззаттардан баш тартып, түбөлүктүү лаззатка жетүүнүн сырын Алла Таала орозо менен буюрган деп түшүнсө болот* («Супер инфо»). *Теңсиздик ушундай турмуштан адам кандай рахат, кандай лаззат табат?* («Кыргыз Туусу»). *Оозу оймоктой жарашкан, Лаззат менен сүйгөндөй. Айтса ошол ушакты, лаззат табып, чыккандар бар кумардан* (Салгамани). *Негедир өмүр бою жактырган эрине али*

*лаззаты өчө элек сурмалуу бото көзүн моймолжутат* (Бейшеналиев). *Гүлбактары өмүр лаззаты, сулуулары – мөмө мөлт эткен* (Мукашева).

**ЛАЗУРИТ** Кочкул, көк түстөгү минерал. Зер буюмдарын жасоодо колдонулат.

**ЛАЙКРА** Капрон буласынын бышыктыгын жогорулатуу үчүн колдонулуучу зат.

**ЛАЙЛАМА** *Лайлама дегени, Шишкебектей шыпырып, Балбан жолой жегени* («Манас»).

**ЛАЙЛИ-МАЖНУН** *өт.* Бирин бири катуу сүйүшкөндөр. *Үнүң арген жез найдай, Үлбүрөйсүң, кургур ай. Лайли менен Мажнундай, Кантебиз, калемде кеттик ушундай* (Эл ырлары).

**ЛАЙНЕР** *тех.* Бийиктикке тез, ылдам учуучу көлөмү чоң аба транспорту. Чоң самолёт. *Күнгө күмүштөй жаркырап көрүнгөн «Ту 104» лайнери акыры келип конду.*

**ЛАЙРАҢПОЗ** Бекерчи, каңгып жүргөн, селсаяк, аракеч. *Беш миңчеси кумарчы, Алты миңи лайраңпоз* («Манас»С.О.).

**ЛАЙЫМ** *туурасы:* **ылайым.**

**ЛАКМУС** *хим.* 1. Өсүмдүктөн алынган боёчу зат кислотанын таасири менен кызыл түскө, щелочтун таасиринде көк түскө айланат. 2. Анын эритмесине сиңирилген фильтр кагазы.

**ЛАКОНИЗМ** Пикирди кыска жана так берүү.

**ЛАКСА** *диал.* Жулса агарып сүт чыккан, бийиктиги анча өскүлөң эмес өсүмдүк.

**ЛАКТОЗА** *хим.* Сүт канты. *Анын составында лактоза бар.*

**ЛАКЧАГЕР** Кычкач, кыпчуур, чымчуур.

**ЛАКЫЙ** Денеси чың, бою узун адамга карата колдонулуучу сөз.

**ЛАКЫЛДА** 1. Ылдам, тез кыймыл. *Жүрөгүм лакылдап турат. Лакылдап шашып келбедикпи.* 2. Албууттануу, ээ жаа бербөө. *Сен дайны жок лакылдабай, адегенде сөз укчу* («Ала-Тоо»). Жүрөгүнүн тез согушу. *Коркконунан жүрөгү лакылдап чыкты* («Ала-Тоо»).

**ЛАЛ лагил** менен бирдей. *Мындан кийин ак сарайдагылар айгыр башындай алтын, кочкор башындай күмүш берсе да, көздүн жоосун алган лалды арбын берсе да... уйсундардын жерине бара тургандардын сабына кошулбай калайын* (Субанбеков).

**ЛАЛА лаала** менен бирдей. *Ачылышың кызгалдак, Лаласындай, кара көз* (Барпы).

**ЛАЛМИКЕР** *диал.* Кайрак жерди иштетүүчү дыйкан. *Лалмикерге кыз бербе* (макал).

**ЛАМ ДЕБӨӨ** Айтылган тапшырманы, ишти, каалоону дароо аткаруу, каршы болбоо. *Байбиченин тапшырганын лам дебестен ойдогудай бүтүрөт* (Сыдыкбеков). *Абам жеңемдин оюу менен болуп, анын айтканын лам дебей аткарууга далбас урат* («Кыргызстан маданияты»). *Акбалбан үңкүйүп жер тиктеп, эрдин кесе тиштеп, лам деген жок* (Касымбеков).

**ЛАМ ДЕП ООЗ АЧА АЛБОО** Таптакыр жооп бере албоо, каяша кылууга даремети жетпөө, алсыз абалда калуу. *Эчкирип ыйлап жиберди, лам деп ооз ача алган жок* (Бердикеев). **В.: Лам ооз ачпоо.** *Лам ооз ачпай тынч олтурду* (Осмоналиев). *Бул сөзгө эч ким лам оозун ачпады* (Маймулов). **Лам деп ооз ачпоо.** *Түрүүсүндө лам деп ооз ачпаган апамдын түшүмө кирип, айткандарына таң калдым* (Бердикеев). **Лам деп каяша айтпоо.** *Төбөсү менен жер каздырсаң да лам деп каяша айтпайт* (Бердикеев).

**ЛАМА** *зоол.* 1. Түштүк Америкадагы төө сыяктуу жаныбар. 2. Будда дининин кызматчысы. *Чоң Жолойдой калмагы, Чоң ылама балбаны* («Манас»).

**ЛАМАИЗМ** *тар.* Будда дининин бутагы, тибет-моңгол элдери туткан дин.

**ЛАМБАДА** Тез темп менен бийлөөчү бий, ошол бийдин обону.

**ЛАМИНАЦИЯ** Кагаз, картондун сыртын суу өткөрбөгөн синтетикалык пленка менен каптоо, тыштоо.

**ЛАМПА** Ар түрдүү формада жана тузүлүштө жасалган жарык берүүчү прибор. *Ортодо онунчу лампа алоолонуп жарык себүүдө* (Сыдыкбеков). *Электр лампасы.*

**ЛАМПАС** Шым капталына бойлото тигилген кызыл, ак, көк ж.б. түстөгү тасма.

**ЛАМПОЧКА лампа** менен бирдей. *Майлуу-Сууда үнөмдүү лампочкалар чыга баштады* («Кыргыз Туусу»).

**ЛАМПҮК** Тыш кийим үчүн колдонулуучу кездеменин бир түрү.

**ЛАНДШАФТ** Жер бетинин жалпы көрүнүшү, пейзаж.

**ЛАНДЫШ** *бот.* Ак майда коңгуроо гүлдүү жыпар жыттуу чөп өсүмдүгү.

**ЛАНЦЕТ** Хирургияда колдонулуучу эки миздүү бычак.

**ЛАҢГЕР** 1. Көрүстөндү айландыра тоскон дубал. 2. *эск.* Карып-касарлар токтоп тыныга турган жай. (лаңгерхана деп да аталат.

**ЛАП: лап-лап этүү** *же* **лап этүү** Чоң-чоң болуп кардын түшүшүн же бир нерсени жалпы, жапырт басып калышын, каптап калышын билдирүү үчүн колдонулат. *Коргошундай сур булуттар уйгу-туйгу сүрүлүп, Ак-Шыйрактын чокусун лап дегизе басты* (Абдумомунов).

**ЛАППАЙ** *диал.* Даяр тургандыгын, дилгир экендигин билдирүү иретинде айтылуучу сөз. – *Навойчи аке! – Лаппай. – Нан бериң* (Жантөшев). *Иманахун эч кандай жумуштан баш тартпай иштей берет. Лаппай деп гана турат* (Абдукаримов).

**ЛАПШЫ** Дөөрүү, орунсуз сүйлөө, тантыроо. *Лапшып сүйлөө.*

**ЛАПЫЛДА** 1. Алоолонуу, жалындоо, жалындап күйүү (мис., от). *Лапылдап күйүп жаткан от.* 2. Абдан ысык тап чыгуу, ысып кетүү. *Фабриканын цехи лапылдап ысык* (Сасыкбаев). 3. Кар калың жаап, чоң-чоң

болуп түшүү. *Бирде лапылдап кар жааса, бирде бороон ызылдайт* (Абдумомунов). 4. Тамакты шашып, чоң-чоңдон жегендик. *Неге ичесиң тамакты лапылдатып, турмушуңда бир мөөрөй утпаган соң?* (Токтогулов).

**ЛАПЫЛДАТ** **лапылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЛАПЫЛДОО** **лапылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЛАРЕК** Өнөр-жай жана азык-түлүк товарларын сатуучу кичине дүкөн.

**ЛАРИНГИТ** *мед.* Алкым сезгенүүсү, тамак оорусу. *Аэроин менен ларингитти дарылоодо жакшы натыйжаларды берүүдө.*

**ЛАРИНГОФОН** *мед.* Тыбыш термелүүсүн текшерүүчү аппарат.

**ЛАСТИК** Бет жагы жалтырак келген, көбүнчө кийимге ич кылуу үчүн колдонулуучу кездеме.

**ЛАТ** Ислам динине чейинки арабдардын табынган кудайынын аты. Чокуна турган буттун аты.

**ЛАТ-МАНАТ** Илгерки, исламга чейинки арабдардын табынган бутунун аттары. «Манат» да, «лат» сыяктуу бут. *Лат-манат колдо деп, Ыйлап жазган каты бар* («Манас»).

**ЛАТА** *диал.* Чүпөрөк, идиш-аяк аарчыгыч, суу жоолук. *Жыйнаган пахтасын кош дөңгөлөгүнүн ар бири төө бою келген кокон арабага зыңгырата басып, суткордун өзүнүн лата заводуна алпарат* (Абдыраманов).

**ЛАТИПА** *адаб.* Эл ичинде оозеки тараган күлкүлүү, кыска баяндар.

**ЛАТУНЬ** Сары жез, жез менен цинктен уютулган, кээде калай, коргошун катыштырылган эритинди.

**ЛАТЫН** Латын тили.

**ЛАТЫН АЛФАВИТИ** Латын тилинин алфавити. Байыркы Римде VII кылымда пайда болгон. Дүйнө жүзүнө кең тараган алфавиттин бири. 23 тамгадан турат, латын алфавитин кыргыздар 1927–1940-жылдары колдонгон.

**ЛАТЫНЧА** Латын тилинде, латын алфавитинде.

**ЛАТЫШ** Латвия мамлекетинин негизги калкы.

**ЛАУРЕАТ** Илим, искусство, эл чарбачылыгы ж.б. жагынан сиңирген көрүнүктүү эмгеги үчүн берилүүчү наам жана ошол наамга ээ болгон адам.

**ЛАШКЕР** *диал.* Черүү, кошуун, аскер. *Амир лашкер кошуун башчысы.*

**ЛЕБИЗ** Сөз, айткан сөз. *Лебизиңиз кайтпасын, сиздин сураган эле бааңызды берейин.*

**ЛЕГАЛДАШТЫРУУ** Мыйзамдаштыруу, мыйзамга ылайыктоо, ашкерелештирүү. *Мыйзам күчүнө киргенден кийин бир да ишкер капиталын легалдаштырууга барган жок* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕГАЛДУУ** Мыйзам тарабынан уруксат кылынган, мыйзам тарабынан таанылган. *Легалдуу уюм. Легалдуу газета.*

**ЛЕГАЛДУУЛУК** Мыйзамдуулук, мыйзамга ылайыктуулук.

**ЛЕГАЛДЫК** **легалдуу** менен бирдей.

**ЛЕГАЛИЗАЦИЯЛОО** **легалдаштыруу** менен бирдей. Акт же кандайдыр бир иш-аракеттерди мыйзамдаштыруу, мыйзамга ылайыктоо. *Биз паспортторубузду дүйнөнүн 180 өлкөсүндө легалдаштырдык* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕГЕН** 1. Каңылтыр идиш. 2. Табак, батыныс, **илеген** менен бирдей.

**ЛЕГЕНДА** Турмушта болгон окуянын, элдик уламыштардын негизинде келип чыккан фантастикалык аңгеме, аңыз сөз. *Каныбек жөнүндө кайдагы бир легендаларды айтышат* (Жантөшев).

**ЛЕГЕНДАРЛУУ** **легендарлык** менен бирдей. *Легендарлуу фотосүрөттүн жаңы кожоюну болуп Нью-Йорк штатында жашаган Дэвид Вэксман аттуу адам болду* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕГЕНДАРЛЫК** Легендага негизделген, легенда болуп кеткен. *Легендарлык баатыр. Легендарлык поэма.*

**ЛЕГИОН** 1. *тар.* Байыркы Римдеги ири аскердик бөлүк. 2. Кээ бир өлкөлөрдөгү атайын аскердик бөлүктөрдүн аты.

**ЛЕГИОНЕР** Легиондун солдаты, жоокер.

**ЛЕГИРЛӨӨ** Белгилүү бир физикалык, химиялык, механикалык касиетке келтирүүчү металл куймасынын курамына (көбүнчө никель, хром, кобальт, ж.б.) металлдарды кошуу.

**ЛЕГИТИМДЕШТИРҮҮ** 1. Паспорттук системасы жок мамлекеттерде жарандын керт башын ырастоонун формасы. 2. Төлөөлөрдү алууга, кандайдыр бир аракетти жасоого ж.у.с. жарандык укугунун далили. 3. Саясатта кандайдыр бир аракет, окуя, фактыны коомго мыйзамдаштырып таанытуу. *Мурда террористтер башкаруучу саясый режимдерди реформалап, легитимдештирип, «адашкандарды» тарбиялоого умтулушса, азыр аларды жөн эле жок кылууну максат кылып коюшкан* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕГИТИМДҮҮ** Мыйзам чегинде укугу бар. *2006-жылдын үлгүсүндөгү паспорт чет өлкөгө чыгууга толук легитимдүү* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕДИ** Жогорку катмарлардагы аялдарга кайрылганда айтылуучу сөз.

**ЛЕЗ** Бир заматта, өтө ылдам. *Бир лезде жетип келди.*

**ЛЕЗГИНКА** *муз.* Лезгин эл бийи. Бийжарыш. Ал бийчилердин ыкчамдуулугун, чеберчилигин аныктайт.

**ЛЕЙКЕМИЯ** *мед.* Ак кандуулук. Кан иштөө органдарынын функциясынын бузулушу менен, кандын курамындагы эритроциттердин азаюсунан улам пайда болгон оору.

**ЛЕЙКОЗ** *мед. к.* **лейкемия.**

**ЛЕЙКОЗДОР** Рак оорусу өндөнгөн, кандын системалык оорусу. Кан пайда болуучу ткандардын баш-аламан өсүп-өөрчүүсү, канга жетиле элек жаш лейкоциттер өтө көп кошулуп кетиши. Ал турсун канга тиешеси жок боордо, бөйрөктө, теринин астындагы майда жана ичегиде кан клеткаларынын өтө көп пайда болушу.

**ЛЕЙКОПЛАСТРЬ** Бир бети жабыштырууга ылайыкташтырылып жасалган буюм.

**ЛЕЙКОЦИТ** *физиол.* Кандын шар түрүндөгү түссүз ак бүртүктөрү.

**ЛЕЙТЕНАНТ** Армияда, флотто кенже лейтенанттан жогорку офицердик наам жана ошол наамды алган адам. *Лейтенант – бүтүрүүчү бөлүнгөн аскердик бөлүккө келип өзүн тааныштырат* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕЙТМОТИВ** 1. *адаб.* Көркөм чыгармада өзгөчө бөлүп көрсөтүлүп, чыгарманын башынан аягына чейин жүргөн башкы мотив. (мис., «Манас» эпосунун лейтмотиви бытыранды кыргыз журтун бириктирүү, тышкы душмандардан коргоп туруу). 2. Кан-дайдыр бир опералардын, балеттердин, программалуу пьесалардын каармандардын же белгилүү бир драмалык жагдайды баяндап, алар пайда болгондо же алар жөнүндө сөз болгондо кайталануучу мүнөздүү тема же музыкалык кайырма. *Аңгемеде дал ушундай тазалык башынан аягына чейин негизги лейтмотив катары аралап өтөт* («Кыргыз Туусу»).

**ЛЕК: лек-лек этүү** Лекилдөө, дик-дик этүү (мис. басканда), жорткондой абалда болуу.

**ЛЕКАЛО** 1. Бир нерсени жасоодо колдонулуучу калып, шаблон, даяр үлгү. 2. Ийри сызыктарды сызуу үчүн ылайыкталып жасалган ойку-кайкы сызгыч.

**ЛЕКИЛДЕ** Декилдөө, шашып дикилдей басуу, лек-лек этүү. *[Аттар] чу-чулөп камчы чабылганда гана лекилдеп басып, бир аздан кийин кайра илкишет* (Каимов).

**ЛЕКИН** Бирок, күмөн, ошентсе да. *Андан зыян табар эмне болду, лекин? О, кудайым а?* (Сыдыкбеков).

**ЛЕКСИКА** Белгилүү бир тилдеги же диалектидеги сөздөрдүн жыйындысы; кандайдыр бир жазуучунун чыгармасынын сөздүк составы.

**ЛЕКСИКОГРАФ** Лексикография боюнча адис.

**ЛЕКСИКОГРАФИЯ** *лингв.* Сөздүктөрдү түзүүнүн теориясы менен практикасы.

**ЛЕКСИКОЛОГ** *лингв.* Лексикология жагынан адис.

**ЛЕКСИКОЛОГИЯ** *лингв.* Лексиканы изилдөөчү тил илиминин бөлүгү.

**ЛЕКСИКОН** Жеке адам колдонгон сөздөрүн жыйындысы, сөздүк кор.

**ЛЕКТОР** Лекция окуучу киши.

**ЛЕКТОРИЙ** Элге лекциялар окуп турууну уюштуруучу уюм жана калк үчүн лекциялар окулуп туруучу жай.

**ЛЕКЦИЯ** Жогорку окуу жайларында бир предмет боюнча окутуучунун баяндамасы, оозеки сүйлөгөн сөзү; ошондой эле белгилүү бир тема боюнча калк алдында айтып берилген сөз. *Ылдам эле жарык, таза, көңүлдүү аудиторияларга отуруп, доцент, профессорлордун лекцияларын угууну самашат* (Таштемиров). *Комсомол уюмунун секретары колхозчуларга лекция окуду* (Баялинов).

**ЛЕНИНДИК** *тар.* 1. В.И.Лениндин окуусу, турмушу менен байланыштуу; В.И.-Ленинге таандык болгон; В.И.Лениндин наамы менен аталган. *Коркпостон ленин-дик кайратыңар менен иштегиле* (Сыдыкбеков). *Иштин лениндик стили. Лениндик сыйлык.* 2. В. И. Ленин тарабынан түзүлгөн; ленинизм принциптерине ылайык келген. *Пролетариат диктатурасы жөнүндөгү лениндик теория. Лениндик улут саясаты.*

**ЛЕНИНИЗМ** *тар.* Империализм менен пролетардык революциянын шарттарында марксизмди андан ары өнүктүрүүчү жана конкреттештирүүчү В.И.Лениндин окуусу.

**ЛЕНИНЧИЛ** Ленинизмдин жолун жолдоочу.

**ЛЕНТА** 1. Кооздук, жасалга үчүн ж.б. колдонулуучу көбүнчө кымбат баалуу кездемелерден жасалуучу ар кандай жазылыктагы тилке тасма. *Жибек лента. Капрон лента. Баркут лента.* 2. Техникалык же башка максаттарда колдонулуучу кандайдыр бир материалдын узун, ичке тилкеси. *Изоляциялык лента. Телеграф лентасы.*

**ЛЕП II** Жеңил кыймыл-аракетти билдирүүчү тууранды сөз. *Леп эткен жел жок.*

**ЛЕПИЛДЕ** 1. Закым жүргөндөй жеңил зыпылдоо, закымдагандай согуу (мис. жел). *Күндүзү ысык тартылып, лепилдеп тоо жели жетип келди* (Байтемиров). *Баятан лепилдеп жорткон серүүн жел жүрсө, машина зымырап учкандагы чыккан эпкин тура* (Сыдыкбеков). 2. Ыпылдап-шыпылдап элпек кыймылдоо. *Аскар жумуш убактысында оюнга алаксыбай колдору лепилдеп, кыймылы элпек, өзү дасыккан кишидей буйрө журөт* (Сыдыкбеков).

**ЛЕПИЛДӨӨ лепилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЛЕТАРГИЯ** Кыймылдан, акылдан ажырап, билинер-билинбес тамыр согуу жана билинер-билинбес дем алуу менен бир нече саат же бир нече күнгө чейин уктап калма оору абалы. Кыймылсыз, өлүк сыяктуу узакка уктап жаткан оорулуу адам.

**ЛЕТАРГИЯЛЫК** Летаргияга байланыштуу. *Летаргиялык уйку.*

**ЛЕТОПИСЬ** Байыркы Жылнаама, жылжылы менен ар жерде, шаарда, өлкөдө болгон тарыхый окуялар жыйналып, жыл

сайын түшүрүлүп туруучу жазуу, ушундай жазуулар түшүрүлгөн китепче, дептерче ж.б.

**ЛЕЧО** Кызыл калемпир менен помидордон жасалган (консервацияланган) тамак.

**ЛИАНА** *бот.* Сабактары ичке, жеңил, узун болуп өз алдынча тик өсө албаган, тирөөч катары башка өсүмдүктөргө жармашып оролуп өскөн өсүмдүк.

**ЛИБЕРАЛ** 1. Либерализмди жактоочу; либералдык партиянын мүчөсү. 2. *суйл.* Өткөрө жумшактык кылган, либералдык мамиле жасаган адам.

**ЛИБЕРАЛДЫК** Либералга, либерализмге таандык.

**ЛИБЕРАЛИЗМ** 1. Феодалдык-крепостнойлук доордо буржуазиянын эркиндигин жактаган, ал эми буржуазиялык революциянын доорунда өзүнүн саясий үстөмдүгү орногондон кийин пролетариаттын революциячыл күрөшүнүн өсүп-өнүгүшүнө каршы турган реакциячыл саясий агым. 2. *суйл.* Өтө эле жумшак мамиле, жумшактык.

**ЛИБРЕТТО** *театр.* 1. Музыкалуу чоң чыгарманын (мис. опера, опереттанын) тексти. 2. Балеттин же кинофильм сценарийинин планы.

**ЛИГА** 1. Саясый коомдук жана башка мүнөздө, көбүнчө эл аралык мүнөздө, жалпы бир максатты көздөгөн мамлекеттердин, мекемелердин ж.б. бирикмеси, союзу. *Бүткүл дүйнөлүк Ислам лигасынын башкы катчысы Абдалла бен Абдель Мухсинат курултайдын ардактуу мейманы катары чакырылды* («Кыргыз Туусу»). 2. *спорт.* Өз ара мелдештерди өткөрүү үчүн бир топко (группага) бириккен бир нече команда. *Жогорку лигада ойноо. Колониядагы лидерлик талаш* («Кыргыз Туусу»).

**ЛИДЕР** 1. Саясий партиянын, профсоюздун ж.б. башчысы, жетекчиси. Жаштар коомунун *лидери жаңы партия түздү* («Кыргыз Туусу»). 2. Спорттук мелдеште ар кандай иштерде эң алдынкы орунда келе жаткан киши же команда.

**ЛИЗИМЕТР** *геол.* Топурактан өткөн нымды чогултуучу жана аны менен эриген заттарды изилдөөчү курал.

**ЛИЗИНГ** *экон.* Юридикалык же жеке жактын түрдүү эмгек каражаттарын өзүнүн менчигине алып пайдалануусу. Узак убакыт пайдалануу үчүн товарларды кредиттөөнүн бир түрү. *Ал эми техниканы жаңылоо үчүн мамлекеттик лизинг компаниясы бизде куралып чыгып жаткан тракторлорду, комбайндарды сатып алып МТСтерге берип жатат* («Кыргыз Туусу»).

**ЛИКВИДАТОР** Ликвидатордукту жактоочу, аткаруучу адам.

**ЛИКВИДАЦИЯ** Ишмердикти токтотуу (мекеменин, уюлдун), жоюу. *Сабатсыздыкты ликвидациялоо.*

**ЛИКЕПЧЕ** *диал.* Талиңке, табакча. *А түгүл подностордо нан, пиялаларда сары май, асел, ликапчаларда мейиз, кант, өрүк, бадам, мистеге чейин үстү дасторкон менен жабылган бойдон турчу* (Мавлянов).

**ЛИКЁР** Күчтүү, таттуу спирттик ичимдик.

**ЛИКИЛДЕ** **лекилде** менен бирдей.

**ЛИЛИПУТ** Эргежээл, кодоо киши.

**ЛИЛИЯ** *бот.* Сабактары түз, түрдүү түстөгү чоң гүлдүү, коңгуроо сыяктуу өсүмдүк.

**ЛИМИТ** Чек, бир нерсенин чегине жеткен саны, нормасы. *Сарпталуучу каражаттын жылдык лимити.*

**ЛИМИТТЕ** Белгилүү бир чектеги норманы коюу, лимит коюу.

**ЛИМИТТӨӨ** **лимитте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЛИМОН** Түштүк өлкөлөрдө өсүүчү, дайыма көгөрүп туруучу цитрус жыгачы жана анын өңү саргыч, даамы кычкыл, кабыгы калың келген мөмөсү.

**ЛИМОНАД** Лимондун же башка мөмөлөрдүн, жер жемиштеринин маңызы кошулуп жасалган суусундук.

**ЛИМФА** Адамдын жана омурткалуу жаныбарлардын организминдеги ткандардын арасындагы боштукту толтуруп турган, кан менен ткандардын зат алмашуусун камсыз кылуучу суюктук.

**ЛИНГВИСТ** Тил илими боюнча адис, тилчи.

**ЛИНГВИСТИКА** Тил жөнүндөгү илим, тил илими.

**ЛИНЗА** Айнек, кварц ж.б. тунук заттан жасалган томпок же кабырыңкы нерсе.

**ЛИНИЯ** Эки чекитти туташтырган сызык, чийин, нерсе. *Нарын шаарына троллейбус линиясы тартылып, жүргүнчүлөрдү тейлөө башталган* («Кыргыз Туусу»). *Мындай жагдайлар кээде учурунда чечилбей, көйгөйгө айланып кеткени да чын, маселен, жолдорду оңдоо, электр линияларын жаңылоо ж.б.* («Кыргыз Туусу»)

**ЛИНКОР** *сог.* Душмандын кемелерине же жээктеги күчтөрүнө каршы кубаттуу артиллериялык сокку берүүгө ылайыкталган эң чоң согуштук корабль.

**ЛИНОЛЕУМ** Нымды, жылуулукту өткөрбөй турган полго төшөлүүчү клёнканын бир түрү.

**ЛИПА** *а.ч.* Липалар тукумундагы күбүлмө жалбырактуу дарак уруусу.

**ЛИППИДДЕР** Ар түрдүү кошулмалардын чоң тобу, алар татаал май катмарларынын, спирт же альдегиддин туундусу болот.

**ЛИРА I** 1. Байыркы гректерде поэзиянын символу болгон кылдуу чертме музыкалык аспап. 2. Батыш Европа элдеринин жалгыз кылдуу тартма музыкалык аспабы. 3. XV–XVIII кылымдарда Батыш Европада кеңири тараган көп кылдуу тартма музыкалык аспап. 4. Украина, белорус

ырчыларынын айлануучу дөңгөлөгү же жаасы бар кылдуу тартма музыкалык аспабы. 5. Поэзия. 6. Италияда жана кээ бир башка өлкөлөрдөгү акча бирдиги.

**ЛИРИЗМ** *иск.* Адабият, музыка, живопистик чыгармаларда эмоционалдуулуктун, толкундануу, сырдаштык ачык-айрымдыктын орун алгандыгы.

**ЛИРИК** Лирикалык акын.

**ЛИРИКА** 1. Автордун ою, ички сезими, кайгы-муңу ыр түрүндө образдуу, көркөмдүү сүрөттөп берилген адабий чыгарма жана ушул түрдөгү поэзиялык чыгармалардын жыйындысы. *Осмоновдун лирикасы.* 2. Адабияттагы үч тектин бири.

**ЛИРИКАЛЫК КААРМАН** *адаб.* Лирикалык чыгармада ой толгоосу, кыял-сезими берилген каармандын биринчи жактагы образы. *Айсулуу чынында да бир сулуу кыз, Көргөндүн көңүлүнөн унутулгус* (Үмөталиев).

**ЛИРИКАЛЫК лирикага** таандык.

**ЛИРИКАЛЫК-ДРАМАЛЫК ЖАНР** *адаб.* Көркөм чыгармада турмуш чындыгын лирикага жана драмага таандык усулдар менен чагылдыруу.

**ЛИРИКАЛЫК ПРОЗА** *адаб.* Эпикалык тектин жана лириканын белгилерин өз ичине камтыган кара сөз түрүндөгү чыгармалар.

**ЛИРИКАЛЫК ЧЕГИНҮҮ** *адаб.* Композициялык ыкма, сюжеттүү чыгармалардагы окуяларга, жекече каармандарга карата өз көз карашын, мамилесин билдирген автордун сөзү.

**ЛИРИКАЛЫК-ЭПИКАЛЫК ЖАНР** *адаб.* Көркөм чыгарманын эпикалык жана лирикалык сүрөттөөнү жуурулуштуруу аркылуу коомдук турмушту чагылдырган түрү.

**ЛИТИЙ** *хим.* Жаратылышта таза түрүндө кезикпей, туз түрүндө кезигүүчү күмүштөй ак түстөгү химиялык элемент. Медицинада, ядерлик энергетикада, фотографияда колдонулат.

**ЛИТОГРАФИЯ** 1. Таш басма, жазуу же сүрөт жалпак таштын бетине түшүрүлүп, андан кагазга басып чыгаруу жолу. 2. Литография жолу менен басып чыгаруучу ишкана. 3. Литография жолу менен чыгарган китеп же сүрөт.

**ЛИТОСФЕРА** *геол.* Жер шарынын сырткы катуу катмары (кыртышы).

**ЛИТР** 1000 куб. см. көлөмүнө барабар суюктук өлчөмү.

**ЛИТРАЖ** Идиштин литр менен өлчөнгөн көлөмү.

**ЛИФТ** Көп кабаттуу үйлөрдө жана шахталарда адамдарды, жүктү жогору көтөрүп чыгаруучу жана төмөн түшүрүүчү.

**ЛИЦЕИСТ** 1. Лицейдин тарбиялануучусу. 2. Лицейдин окуучусу.

**ЛИЦЕЙ** 1. Революцияга чейинки Россиядагы привилегиялуу орто же жогорку окуу жайы. 2. Орто мектептин бир түрү. *Бишкек шаарындагы № 93 кесиптик лицейинде муздаткыч жабдуулар жана кондиционердик системалар боюнча чеберлерди даярдоо үчүн окутуу-өндүрүштүк борбору ачылды* («Кыргыз Туусу»).

**ЛИЦЕНЗИЯ** *саяс.* 1. Товарларды чек ара аркылуу сыртка чыгарууга же киргизүүгө, чарбачылык, ишкердик жумуштарды баштоого, продукт чыгарууга, ойлоп табууларды колдонууга, атууга чек коюлган жапайы айбандарга мергенчилик кылууга мамлекеттин тийиштүү органы тарабынан берилген уруксааты 2. Жогорку уруксаатты күбөлөндүрүүчү документ.

**ЛИЧИНКА** *зоол.* Кээ бир жандыктардын өсүп жетиле элек кези. Курт кумурскалардын, чымын-чиркейлердин жумурткасынан пайда болгон курт.

**ЛОББИ** Өздөрү өкүл болгон уюмдардын таламдары үчүн чечимдерди кабыл алуу максатында мыйзам чыгаруучуларга жана мамлекеттик чиновниктерге басым көрсөтүүчү ири монополиялардык конторлору менен агентстволорунун же АКШнын мыйзам чыгаруучу органдарынын алдындагы уюмдашкан топтордун системасы.

**ЛОББИЗМ** *саяс.* Парламенттин чечим кабыл алуу процессинде жеке жана коомдук уюмдардын таасир кылуучу механизмин түшүндүргөн саясий термин.

**ЛОБНОРЛУКТАР** Лоптуктар, Кытайдын түн.бат-гы Лобнор көлүн бойлой мекендеген эл.

**ЛОБОГРЕЙКА** Жөнөкөй конструкциядагы эгин чабуучу машина. *Эки жерде эки лобогрейка* (Баялинов).

**ЛОГИКА** 1. Ойлоо закондору жана формалары жөнүндөгү илим. 2. Бир нерсенин ички закон ченемдүүлүгү. *Жашоонун логикасы. Окуянын логикасы.* 3. Ой жүгүртүүнүн тууралыгы, ырааттуулугу.

**ЛОГОПЕД** Сүйлөө жагынан өксүгү бар, чулдур адамдар менен иштеген адис.

**ЛОГОПЕДИЯ** Тилдеги кекечтиктин же чулдурлуктун себептерин изилдөөчү жана аларды ондоо, жоюу чараларын изилдеп иштеп чыгуучу илим.

**ЛОГОРИФМ** *мат.* Сандардын даража көрсөткүчүн эсептеп чыгаруу амалы.

**ЛОГОТИП** *экон.* Фирманын же уюмдун өзүнүн товарын белгилөө үчүн пайдалануучу товардык белгиси.

**ЛОЖА** 1. Оюн залы же заседание залында бир нече кишилик айрым орун. 2. Масон уюмунун бир бөлүмү. 3. Театрда өзүнчө бөлүнүп жасалган бир нече кишилик айрым орун. *Капсалаң ложа тарапты кылчак-кылчак кароону токтотуп, учурдан пайдалангысы келди* (Каимов).

**ЛОЗУНГ** Ураан, чакырык.

**ЛОКАЛДЫК** Жергиликтүү, белгилүү чектен чыкпаган.

**ЛОКАТОР** Үн же элетромагниттик тол-

кундар аркылуу нерсенин ордун аныктоочу прибор.

**ЛОКОМОТИВ** Темир жол менен вагондорду сүйрөп жүрүүчү машина (мис. паровоз, тепловоз, электровоз ж.б.). *Чубалтып вагондорун чиркеп алып, алыстан жүрүп келет локомотив* (Шамшиев).

**ЛОКУЙ** Абдан чоң, күрсүйгөн көрүнүштө болуу. *Шамбет локуюп ортодо отурганында, алп мүчөсү козголбогон кара таштай эле* (Сыдыкбеков).

**ЛОКУЛДА лакылда** менен бирдей.

**ЛОМ** Катуу жерди, музду ж.б. оюп же буза турган учтуу сом темир. *Лом көтөрүп чалкалап, Ташты кумдай талкалап* (Осмонкул). *Эки жеңди каруууга дейре түрүнүп, лом темирди күрс-күрс согуп, таш оодарышып Сабыр жүрдү* (Сыдыкбеков).

**ЛОМ КАЛАМ** *дин.* Адамдардын тагдыры жазылып коюлган, Алданын тактасынын жанында жайгашып сакталуучу китеп. *Лом калам жазуудан* («Манас», С.О.).

**ЛОМБАРД** Козголмо мүлктү күрөөгө алып, карызга акча берүүчү жай.

**ЛОРД** 1. Англия дворяндарынын укумдан тукумга калуучу титулу. 2. Англиянын кээ бир мамлекеттик кызмат орундарынын аттары.

**ЛОРНЕТ** Туткалуу бүктөмө көз айнек.

**ЛОСЬОН** Беттин терисине кам көрүү (тазалоо, жумшартуу ж.б.) үчүн колдонулуучу суюктук. *Процедурага киришерден мурун бетиңизди жакшылап суу, же болбосо атайын лосьон менен тазалап алууңуз кажет* («Кыргыз Туусу»). *Териңиз нормалдуу болсо, күндүн зыяндуу нурларынан жана спирт көп кошулган лосьонду колдонуудан сак болуңуз* («Кыргыз Туусу»).

**ЛОТ** 1. Стандарт түрүндөгү таңгакталуусу боюнча сатылуучу товардын шарттуу саны. 2. Биржадагы бир келишим менен соода жүргүзүү үчүн коюлган товардын көлөмү. 3. Тобу менен сатылууга даяр бир таңгак, айрым топко же идишке ылайыкталып камдоо менен даярдалган товар саны, контейнерге ылайыкталып топтолгон товардын көлөмү жана анын баасы.

**ЛОТЕРЕЯ** Билет боюнча акча, буюм ж.б. утуучу оюн. *Акча-буюм лотереясы. Лотереядан утуу. Азия Универсал Банкы расмий түрдө, Банк телефон аркылуу эч кандай лотерея ойнотууларды же кайрымдуулук акцияларды жүргүзбөгөнү тууралуу билдирет* («Кыргыз Туусу»).

**ЛОТО** Бетине номерлер коюлган атайын карталар менен ойнолуучу оюн.

**ЛОЯЛДУУ** Ак ниет. Өз милдетин так аткарган, мыйзамды сыйлаган, анын чегинен чыкпаган адам.

**ЛОЯЛДУУЛУК** Мыйзамдарды, бийлик органдарынын чечимдери менен талаптарын аткаруу. Калыс мамиле. Салыктык, бейтараптуулук, кандайдыр бир уят болуучу жана жаман ниеттүү аракеттерден баш тартуу.

**ЛӨК** 1. Бир өркөчтүү нар төөнүн эркеги. *Лөгүнө жамбы жүктөтүп, Жибектен жабуу бүктөтүп* («Курманбек»). *Журт булбулу эр Бакай, Лөгүң эсен жатабы* («Манас»). 2. *өт.* Өтө күчтүү, бакыбат, балбан адам. *Балбан баатыр лөгү бар* («Манас» С.О.). 3. Бийик даражалуу кадырман адам. *Жүк көтөрөр лөк берем* («Семетей» С.К.).

**ЛӨК КУРЖУН** Көп буюм салынып, үйдө сакталчу эң чоң куржун. *Өзүнүн себи салынган калы килемден жасалган лөк куржундун боосун чечти* (Абакиров)

**ЛӨКҮЙ** Абдан чоң көрүнүш. *Лөкүйгөн бука. Лөкүйгөн жыгач бочкалар.*

**ЛӨЛҮ** Цыган, цыган аял. *Жаман селдесинин этегинен чыгып турган кара күрөң, чачы, анын өңүн лөлү сыяктантып турду эле* (Жантөшев).

**ЛУВР** Париждеги орто кылымдагы хан сарай.

**ЛУГАТ** Сөздүк (1920-жылдары колдонулган термин). *Кыргызча-орусча лугат түзүлсүн. Лугат түзүү иши Карасаев менен Юдахинге тапшырылсын* (Кыргыз жаңы алипбээ комитети. 1928-ж).

**ЛУК лук-лук этүү** Кан тамырларынын катуу сокконундай же тартканындай көрүнүштө, сезимде болуу.

**ЛУКМАН** *эск.* Көп жашаган, акылман, көптү билген адам. *Миңге кирсең Лукмандай, Бир күн өмүр сап болот* (Эл ырлары).

**ЛУКУЛДА** Лук-лук этүү. *Мансурдун башы ого бетер катып, кан тамырлары лукулдап соккону дапдаана угула баштады* (Абдукаримов).

**ЛУКУЛДАТ лукулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЛУКУЛДОО лукулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЛУНА-ПАРК** Ар кандай оюн-зооктору бар парк, коомдук бакча.

**ЛУНОКОП** Айдагы грунттун үлгүсүн алууга арналган курал.

**ЛУНОХОД** *астр.* Айдын үстүндө жүрүү үчүн жана аны изилдөөгө арналган өзү жүрүүчү аппарат. Ал жерден космонавттар аркылуу башкарылат.

**ЛУПА** Эки жагы томпок, чоңойтуп көрсөткүч айнек.

**ЛҮЛҮ** Этин чоң кылып, шишке бышырылган башкачараак кебеп. *Сиз дуду кабап эмес, лүлү кабап жедиңиз деп, Элчибек күлүп жиберди* (Токомбаев).

**ЛЫЖА** Карда жүрүү үчүн ылайыкталып жасалган, бутка байланып алуучу узун жазы тилке жыгач. *Лыжасын камдап бөбөктөр, Касаба карга жөнөшөт* (Токобаев).

**ЛЫЖ** Лыжада жүрө билген адам, лыжа спортуна катышкан адам. *Кардын калың түшкөнү лыжачылар үчүн жакшы саамалык болду* («Ала-Тоо»).

**ЛЫКЫЙ** Абдан тоюп калуу, тоюнуу. *Май мантууга лыкыя тоюп алып, жолго чыктык* («Агым»).

**ЛЫП** Тез, бат, дароо (жеңил, элпек кыймыл-аракет жөнүндө). *Бир кезде жааган кар лып басылды* (Баялинов). *Машина лып этип токтой калды* (Жантөшев).

**ЛЫПЫЛДА** Тез, женил жүрүү, эпилдеп-жепилдеп тез-тез кыймылдоо, эпилдеп-жепилдеген аракетте болуу. *Маша лыпылдап эшикти тез ача койду* (Шимеев). *Жуучу келет аптада, Жумшак сүйлөп лыпылдап* (Үсөнбаев).

**ЛЫПЫЛДАТ** **лыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЛЫПЫЛДОО** **лыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЛЫПЫЛЫК** *диал.* Жойпулук. *Ой, сенин лыпылыгың качан жоюлат?*

**ЛЮК** 1. Оозун бекитип коё турган капкагы бар атайын казылган жердин оюгу. 2. Замбиректин тулкусу чыгып туруучу кеменин бортундагы тешик.

**ЛЮКС** Жасалгасы, тейлөө деңгээли эң мыкты жай (дүкөн, мейманкана ж.б.) 2. Эл аралык системадагы аралыкты өлчөө.

**ЛЮЛЬКА I** Бешик.

**ЛЮЛЬКА II** Замбиректин тулкусун кармап туруучу, лафетке бекитилген көңдөй болот цилиндр.

**ЛЮЛЬКА III** Канжа.

**ЛЮЛЯ-КЕБАБ** Койдун эти майда тууралып, түрдүү татымалдар кошулуп жасалган шишкебек.

**ЛЮМПЕН** Өндүрүштөн чыгарылып салынган, табынан ажыраган адамдар. Буга дубаналар, селсаяктар, томаяктар ж.б. кирет.

**ЛЮПМЕН-ПРОЛЕТАРИАТ** *саяс.* Өз алдынча уюшулган кыймылга жөндөмсүз пролетариаттын эң төмөнкү катмары, коомдун төмөнкү катмарынын өкүлдөрү.

**ЛЮСТРА** Бир нече лампочкасы же шамы бар асма чырак, жарык берүүчү прибор.

**ЛЮТЕСЦЕНС** Машагы (8–10 *см*) кылкансыз, дандуу, даны кызыл жумшак буудай сорту.

**ЛЮЦЕРНА** Беде.

# М

**М** Кыргыз алфавитинин 14-тамгасы.

**МАА I** *сүйл.* **мага** менен бирдей.

**МАА II** Кой, эчки, козу, улактардын чыгарган үнүн билдирүү үчүн колдонулат. *Ээси эрке багып, Кастарлап асырап, Тузду талкалап, Маа-маалап чакырат* (Тоголок Молдо)

**МАА ДЕСЕҢ мага десең** менен бирдей. *Маа десең ошондон ары сатып жибер.*

**МААЗИР** Өтүнүч, келди-кетти сөз. – *Ие,.. иши курсун! – деди Шер датка чарчаңкы. Ошол бойдон сөз кечки маазурдө дасторкондун четинде уланды* (Касымбеков).

**МААКУЛ** *туурасы:* **макул.**

**МААЛ** 1. Мезгил, убакыт, учур. *Өзүңүз билесиз, азыр орок маалы келип калды* (Абдукаримов). *Жок келбейсиң, чолоң тийбейт, кызыл кырман маалында* (Осмонов). 2. Жолу. Бир маал, эки маал. *Беш маал намаз окуйт.*

**МААЛА** 1. Конуш алган, отурукташкан жай, жер, кыштак. *Жакын бизге мааласы* («Манас» С.О.). *Мааламда неме калган жок* («Манас» С.О.). 2. Үй, алачык. *Мүнөзү жакшы жан болот, Ага-иниси жам болот, Баш кошкондун мааласын, Көргөн адам таң болот* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Чөйрө, айлана, жакын ара. Кээде карамагында, кол алдында, тегерегинде маанисинде да колдонула берет. 4. Шаардын төрт жагынан көчө менен чектелген бир чарчы бөлүгү. *Мааласында кожо экен, бастырып өткөн ошо экен.* 5. Жылдын төтөн бир бөлүгү, үч айга барабар бөлүгү, квартал.

**МААЛАМ** Мазарга самсаалатып байлаган чүпүрөктөр. *Башына маалам байлаган Мал сойдуруп этин жеп, Мазар кылып байлаган* («Эл адабияты»).

**МААЛДА** Бир канча жолу. *Күнүнө үч маалдап.*

**МААЛЕ маала** менен бирдей. *Мала кызыл, кочкул кан, Маалесине жабылып* («Эл адабияты»). – *Кулаке, бери карачы, биздин маала кайсы конушта* (Касымбеков).

**МААЛИМ I** *сүйл. туурасы:* **мугалим.**

**МААЛИМ II маалым** менен бирдей.

**МААЛКАТ** Кечиктирип, созуп, иштерииштемексен болуу, кечиктирүү. *Мыскал да көп маалкатып отурбады* (Сыдыкбеков). *Көп маалкатпай айта бер аңгемеңди* (Каралаев).

**МААЛКАТУУ маалкат** этишинин кыймыл атоочу.

**МААЛЫМ** Белгилүү, тааныш. *Бул жердин сыры мага абдан маалым* (Абдумомунов). *Кыздын сыры төркүнгө маалым* (макал).

**МААЛЫМАТ** 1. Жыйналган, алынган кабар, топтолгон кабарлардын, билдирүүлөрдүн жыйындысы. 2. Билим. *Маалыматы орто. Маалыматы жогору. Ар кайсы малчыдан маалымат жыйып, Сатар экөөбүз бетин толтурганбыз* (Бейшеналиев). *Маалымат боюнча ошол жактын келечеги кең* (Ашубаев).

**МААЛЫМАТТУУ** Билимдүү, маалыматы бар. *Маалыматтуу, маданияттуу адамдар.*

**МААЛЫМДА** Маалым кылуу, кабарлоо, кабар билдирүү, билдирип коюу. *Муну чогулушта чыгып сүйлөгөндөрдүн сөздөрү да маалымдады. Маалымдап ойго, кыргыз аткан таңды Сыдырым күлүк шамал ал да чапты* (Бөкөнбаев).

**МААЛЫМДАТ маалымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МААЛЫМДОО маалымда** этишинин кыймыл атоочу.

**МААЛЫНА ТОЛУУ** Чоңоюу, бойго жетүү.

**МААНА** 1. Баш калкалай турган жай, калканч, паана. *Бакыр киши маанада, Сокур киши шоолада* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Жөлөк. *Маңдайдагы бараанды Маана кылып берипсиң, Бала Манас кыраанды* («Манас»). *Басып келген адам жок Маана кылып кашымда* (Токомбаев).

**МААНАЙ** Кабак-каш; көңүл, пейил. *Токтогул калктын мүдөөсүн билдирип, алардын маанайын көрсөтөт* («Ала-Тоо»). *Чынымды айтайын, мен азыр гана бул шашылыш жазылган эмгегимдин кыйла кемчиликтерин сезип, жеме күтүп, маанайым пас отурдум* (Медетов). *Маанайым чөксө эрте-кеч, маржан көз, сенден дем келет* (Култегин).

**МААНАЛА** 1. Далда, калканч издөө, баш калкалоо, коргоо издөө. *Эл атасын мааналап келдим. Жаан-чачында баш мааналар бирдемеси да жок* (Элебаев). 2. Жөлөк кылуу, аркалоо. *Жаңдан келген туугандары, Бай Жакыпты мааналап* («Манас»).

**МААНАЛАТ маанала** этишинин аркылуу мамилеси.

**МААНАЛОО маанала** этишинин кыймыл атоочу.

**МААНЕК** Баш калка, калканч, калкалагыч, коргоочу, колдоочу, жактоочу. *Мен бул элди маанек кылам дечү элем, Бул жерде да мендейлерди жектейби* (Токомбаев).

**МААНЕКТЕ** Баш калка кылуу, колдоо издөө, колдоочу, жактоочу табуу, караан кылуу, калканч кылуу. *Эл алды козголуп, морлордон түтүн булаганча там-таштын бурчун маанектей туралы* (Шүкүрбеков). *Башыңды катып маанектеп Барчу жерди*

*камдагын* (Осмонкул). *Анда биздикилер, бир жакын эжекебиздикин маанектеп, Кара-Дөбөдө турушчу.*

**МААНЕКТӨӨ маанекте** этишинин кыймыл атоочу.

**МААНИ** Нерсенин, көрүнүштүн кубулуштун, түшүнүктүн логикалык жактан шартталган ички мазмуну, акыл-ой менен түшүнөрлүк ички маңыз, касиет. *Мунун себебин улгайгандар билбесе, жаштар ал сөздүн маанисин ажырата алышчу эмес* (Токомбаев).

**МААНИ БЕРБӨӨ** Көңүл бурбоо, назар салбоо, демейдеги көрүнүш катары кароо. *Аны Ыскак жакшы түшүнөт, жаңкы анча маани бербегени да ошондон* (Исмаилов). *Баланын тарбиясына маани бербөө – чоң катачылык* («Кутбилим»).

**МААНИЛЕШ** Мааниси бирдей, бир маанини билдирген (синоним). *Маанилеш синоним сөздөр мазмундук жактан канчалык жакын болбосун алар бирин бири толук алмаштыра албайт.*

**МААНИЛҮҮ** Мааниси бар, зарыл, керектүү. *Журт башчысын шайлоо мамлекеттик деңгээлдеги зор маанилүү иш.*

**МААР** Жылан.

**МААРА I** *туурасы:* **мара I.**

**МААРА II** Козу, улак, кой, эчкилердин «маа» деген үн чыгаруусу. *Кичирээк коктучадан бир боз кой маарап алдыман чуркап чыкты* (Бектенов). *Маараганга жарагандын баары эле кой болот* (макал).

**МААРАКЕ** 1. Майрамга чогулган көп эл, көпчүлүк. 2. Майрам, той-тамаша. *Аш, мааараке, той десе, Ары жок жигит дүрбөгөн* (Барпы). *Райондун 70 жылдык мааракесинде жетишкендиктер белгиленди* («Кыргыз Туусу»). 3. Чек – байгенин чеги (ат чабуу, улак тартуу, жарыш ж.б.). *Мааракени белгилеп, Актан желек байланат* (Жантөшев). 4. *өт.* Жыргал, кубаныч, көңүл ачуу, сайрандоо. *Оң көзүнөн атайын Мааракеге батайын* («Манас» С.О.). *Баатырлардын баарысы, Мааракеге батышып* («Манас» С.О.).

**МААРАКЕЛИК мааракеге** таандык.

**МААРАТ маара** этишинин аркылуу мамилеси.

**МААРЕК** Даңазалуу, шандуу деген мааниде. Айт майрамында бири-бирин куттуктаганда. *Айтыңар маарек болсун!* – деп айтат.

**МААРОО маара** этишинин кыймыл атоочу. *Ак чекелүү аппак тоолор маңкайып, Маарап ийе тургансышып карашат* (Кожомбердиев).

**МААСЫ** Кончтуу, көбүнчө булгаарыдан жасалган такасыз, таманы жумшак бут кийим. *Бутуна кийгени жалтыраган намеркен маасы* (Гапаров).

**МААШАР** 1. Дин ишениминде: адамдар көрлөрүнөн туруп, чоң суракка бара турган жай. *Танда маашар күнүндө Кара эшек кылып минермин* (Эл ырлары).

**МААШЫР БОЛУУ** Ыраазы болуу, канааттануу, ыракаттануу, көңүлүнө толуу. *Манапбай өз кесибине маашыр болгондой күлө сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Баракелде сөзүнө, Маашыр болдум өзүнө* («Эр Табылды»).

**МААШЫРКА** Ыраазы болуу, канааттануу, тандануу, маашыр болуу. *Дыйкан берекелүү күзгө маашыркап, дасторконун кең-кесири жайды* (Бейшеналиев).

**МААШЫРКАН маашырка** этишинин өздүк мамилеси.

**МААШЫРКОО маашырка** этишинин кыймыл атоочу.

**МААШЫРЛАН маашыркан** менен бирдей. *Эл заарына маашырланат эл бузар, Арам оюн алды ишке ашырып* (Маматова).

**МАВРЛАР** мавр. Антикалык доордо жана орто кылымда европалыктардын Түндүк Африканын (Египеттен башкасы) жергиликтүү калкына жана Түндүк Африканы басып алган арабдарга койгон аты.

**МАГА ДЕСЕҢ** Айткан тилди албасаң, дегенге көнбөсөң, эмне кылсаң өзүң бил, мага баары бир деген мааниде колдонулат. *Мага десең эки колуңду төбөңө алып басып кет, Мага десең билгениңди кыла бер* (Сайдуллаев). **В.: Маа десең.** *Маа десең таратып жибер.*

**МАГАЗИН** Ок атуучу куралдарда, приборлордо патрон ж.б. салынуучу кутуча. *Автоматтын магазини. Фотоаппараттын магазини.*

**МАГАРЫП** Батыш, күн батыш тарап (1920-жылдары колдонулган термин). *Өктөбүр төңкөрүшүнүн шаңы машрыктан магрыпка чейин угулду.*

**МАГАРЫП ШУГБА** Агартуу бөлүмү (1920-жылдары колдонулган термин). *1923-жылы Караколдогу марарып шугбасынан кагаз алып, Ташкендеги Кыргыз-казак таалим-тарбия институтуна барып окууга киргемин.*

**МАГАТЭ** Атом энергиясы боюнча Эл аралык агентство.

**МАГДЫР** 1. Күч, дарамет, маңыз. *Сырты көркөм, ичинде магдыры жок, адамда, буюмда да боло берет.* 2. Жарашыктуу, келишимдүү, ыңгайлуу. *Магдыр тон.*

**МАГДЫРА** Көшүлүү, үргүлөгөнсүп тынчтануу, ыксырап көшүлүңкү тартуу. *Магдырап жаткан бөбөктүн Маңдайын Жапар сылады* (Бөкөнбаев). *Уктап кетем магдырап, уктап кетем, тартсаң дагы чачымдан уктай берем* (Абдалова). *Баары жан баары бир жыргап, Магдырап турган жер ушул* («Казыбек»).

**МАГДЫРАТ магдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАГДЫРДУУ** Күчтүү. *Магдырдуу кымыз.*

**МАГДЫРОО магдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**МАГИСТР** 1. *пед.* Толук жогорку билимдин академиялык даражасы. Магистрдик даражасын университеттин же ага тендеш жогорку окуу жайынын атайын программасын бүтүргөн, атайын экзамендерди тапшырган жана магистрдик диссертациясын ийгиликтүү коргогон бүтүрүүчүлөр ээ болушат. 2. Байыркы Римде кызмат адамы (атчандар магистри). Византияда кызмат өтөгөн ак сөөктөрдүн жогорку наамы. 3. Орто кылымдарда кээ бир жарандардын жана чиркөө мекемелеринин башчысы.

**МАГИСТРАЛЬ** 1. Кандайдыр бир катнаш жолдордун (суу, аба, темир жол, автомобиль ж.б.) негизги линиясы. *«Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жол магистралын куруу долбоорун ишке ашырууда кээ бир жылыштар байкалып жатат* («Кыргыз Туусу»). *Биз кеч кире гана кенен асфальтталган Минск-Москва магистралына жеттик* («Кыргызстан аялдары»). 2. Суу, телефон, электр ж.б. түйүндөрүнүн негизги (башкы) линиясы.

**МАГИСТРАНТ** Магистр наамын алуу үчүн диссертациясын коргоого даярданып жаткан адам. *Нуржигит Кобе университетинин магистранты, «Кыргыз Туусунун» Япониядагы өз кабарчысы* («Кыргыз Туусу»).

**МАГИСТРАТУРА** 1. Илимий багытта магистрлерди даярдоо программасы боюнча толук жогорку билим алуунун акыркы бөлүгү. Магистратурага «бакалавр» даражасы барлар «дипломдуу адис» квалификациясын алгандар тапшырууга болот, окуу мөөнөтү эки жыл. *Апасы Надия Кобе университетинин магистратурасына чакыруу алып, үй-бүлөсү менен чогуу кеткен* («Кыргыз Туусу»). 2. Кээ бир капиталисттик өлкөлөрдө – соттук ведомство жана соттук кызматтын жалпы наамы, аты.

**МАГИТОМЕТР** Магниттик өлчөөлөр жана магнитүү рудалардын кайсы жерде экенин аныктоо үчүн колдонулуучу прибор.

**МАГИЯ** Сыйкырчылык, көз байлоочулук.

**МАГМА** Жогорку басымдын негизинде жогорку температурадагы жер шарынын ортосундагы от болуп балкып турган суюк зат, масса. ‖ Жердин төмөнкү катмарында жогорку басымдын негизинде пайда болгон жогорку температурадагы балкыган зат, масса.

**МАГНАТ** 1. Ири капиталист. *Нефть магнаты, финансы магнаты. Бирок, ал польшалык магнаттар менен соодагерлердеги тап душмандыкты көрө алган жок* (Сагни). *Египеттик магнат Мустафа ливандык белгилүү ырчы Сюзанна Тамимди өлтүрүүнү уюштурган деген күнөө менен айыпталууда* («Агым»). *Финансы магнаты.* 2. Бай, атактуу адам.

**МАГНЕЗИТ** *хим.* Көмүр кычкыл магний.

**МАГНЕЗИЯ** Медицина жана техникада колдонулуучу магний кычкылынан же тузунан турган ак жеңил порошок.

**МАГНЕТИЗМ** 1. Магниттик кубулуштар жөнүндөгү окуу 2. Магниттик кубулуштардын жыйындысы. *Жер магнетизми.*

**МАГНИЙ** Химиялык элемент, жаркырап агарып күйүүчү күмүштөй ак түстөгү жумшак жеңил металл.

**МАГНИТ** 1. Темир же болот нерселерди өзүнө тартуу касиетине ээ болгон темир рудасынын же болоттун бир кесеги. *Темирдин баарысы магнитке жабышат* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Өзүнө тартуучу күч. *Тартып турган адамды Магнит бар өзүндө!* (Үмөталиев).

**МАГНИТОФОН** Магниттин жардамы менен үндү, тыбышты жазып жана ошол үндү, тыбышты кайта чыгаруучу электрдик аппарат, прибор.

**МАГНИТТЕ** Кандайдыр бир башка затка магниттик касиетин өткөрүү, магниттик касиетке ээ кылуу.

**МАГНИТТЕЛ** **магнитте** этишинин туюк мамилеси.

**МАГНИТТЕН** **магнитте** этишинин өздүк мамилеси.

**МАГНИТТЕНДИРҮҮ** *тех.* Кандайдыр бир физикалык телого магнит касиетин берүү.

**МАГНИТТИК** **магнитке** таандык.

**МАГНИТТӨӨ** **магнитте** этишинин кыймыл атоочу.

**МАГНИТТҮҮ** 1. Магнити бар, магниттелген. 2. *өт.* Өзүнө тартып алуучу күчү бар. *Сиздин магниттүү көзүңүз менин көзүмдү байлеп алса керек* (Токомбаев).

**МАГНОЛИЯ** *бот.* Жыттуу чоң ак гүлү бар дарак же бадал жана анын гүлү. *Бир жылда эки ирет гүлдөгөн магнолия, камелия, мимоза дарактары да ушунда* (Баялинов). *Болбосо бир кыпча бел кыз колтуктап, мас кылчу магнолия гүлүн жыттап* (Юмөталиев).

**МАГРИФАТ** Билим, окуу. *Жарды, жалчы, көзүңдү ач, Илгерилеп аяк бас. Магрифаттын уругун, Бириң айдап, бириң чач* (Ысмайыл). *Кедейге чачтың магрифат, Кармадык сыймык боосунан. Кайран эр бийик экенсиң, Кан-Теңирдин тоосунан* (Чоробаев).

**МАДА** 1. Житире саюу, кагуу уруу. *Мадап уруп бекитти.* 2. Кадала кароо.

**МАДАЛ II** **мада** этишинин туюк мамилеси. *Сокур көзү бүтүйүп, соо көзү тастайып, мадала түштү.*

**МАДАМ** Кээ бир өлкөлөрдө (Францияда) үй-бүлөлүү аялдарга кайрылуунун сылык формасы. *Бирок ал мадамдын да кылыгын оюңа салам* («Советтик Кыргызстан»).

**МАДАНИЙ** 1. Маданиятка таандык. *Маданий байланыш. Маданий деңгээл.* 2. Адам тарабынан өстүрүлүп чыгарылган, иштелген, жапайы эмес. *Маданий өсүмдүктөр.*

**МАДАНИЯТ** 1. Өндүрүштүк, коомдук, акыл-эс билим жагынан адам баласынын же-

тишкен ийгиликтеринин жыйындысы. 2. Маалыматтуулук, билимдүүлүк, маданияттуу адамдарга таандык жүрүш-туруш, адептүүлүк.

**МАДАНИЯТ ТААНУУ** *филос.* Маданият жөнүндө илим. Биринчиден, жалпы маданият, анын келип чыгыш тарыхы, тармактарын изилдеп үйрөтөт. Экинчиден, маданияттын ар кандай кубулуштарын: материалдык маданиятты, искусствону, динди, үй-бүлөнү окутат.

**МАДАНИЯТСЫЗ** Маданияттуу эмес, жүрүш-турушунда маданияттуу адамдын белгилери жок.

**МАДАНИЯТСЫЗДЫК** Маданиятсыз адамга таандык сапаттар.

**МАДАНИЯТТАШ** Маданияттуу болуу, маданияттын алдыңкы жетишкендиктерине ээ болуу, маданияттуу турмушка өтө баштоо. *Маданияттaшкан кыштак.*

**МАДАНИЯТТАШТЫР маданиятташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАДАНИЯТТАШУУ маданиятташ** этишинин кыймыл атоочу.

**МАДАНИЯТТУУ** Маданий жагынан өнүккөн, маданий өнүгүштүн талаптарына ылайык келген. *Партия менен өкмөтүбүздүн камкордугу аркасында биздин кыштак кооз, маданияттуу кыштакка айланды* («Советтик Кыргызстан»).

**МАДАНИЯТТУУЛУК** Маданияттуу адамдарга, маданияттын алдыңкы жетишкендиктерине таандык сапаттар, өзгөчөлүктөр.

**МАДОННА** 1. Италияда илгери аялдарга ушинтип кайрылышкан. 2. Католиктердин кудай эне аталышы жана анын живописттик же скульптуралык түшүрүлгөн сүрөтү. 3. *өт.* Аруу таза, сулуу аялзаты. 4. Сулуу аял затынын сүрөтү түшүрүлүп жасалган идиштин аталышы.

**МАДОО мада** этишинин кыймыл атоочу.

**МАДЫ** Эшектин ургаачысы.

**МАДЫЛ** Жапайы мышык. *Мадыл менен суусар бар, Буларды алат капканга* (Тоголок Молдо).

**МАДЫРА БАШ** Кагылбаган, али жаш, аркы-беркини жете түшүнө элек, тажрыйбасыз. *Мен да сендей мадыра баш болчумун* (Жусупов). *Мадыра башсың сен... Алтын деген алиги сенин чоң атаң чапкан темир эмес* (Абдыраманов).

**МАДЫРАЙ** Маашырлана тастайып караган кебетеде болуу (көбүнчө чачы жок же чачы алынган, башы чоңураак адамдарга карата). *Манапты ээрчип эт жеген Мадырайган соргогум* (Токтогул).

**МАДЫРАЙТ мадырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАДЫРАЮУ мадырай** этишинин кыймыл атоочу.

**МАДЬЯРЛАР** Венгерлер деген маани менен бирдей.

**МАЕК** Аңгемелешип, эрмектешип же кеңешип, жай пикир алышып сүйлөшүлгөн сөз, аңгеме сөз. *Өз ара маек куруп олтуруучу нускалуу карылар да демейдегидей жай олтурушпайт* (Сыдыкбеков).

**МАЕКТЕШ** Аңгемелешүү, пикир алышуу, эрмектешип аны-муну сөздөрдү сүйлөшүү. *Эңкейип чок үстүнө жыгач таштап, Отурат эки койчу маектешип* (Шүкүрбеков).

**МАЕКТЕШТИР маектеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЕКТЕШҮҮ маектеш** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЖАРА** Баштан өткөн иштер.

**МАЖБУР** Айласыз, аргасыз. *Мурун-кийин көрүшпөсөк да келүүгө мажбур болдум* (Жантөшев).

**МАЖБУРИЯТ** *диал.* Милдеттенме, милдеттүү түрдө мемлекетке берүү.

**МАЖБУРЛА** Аргасыз кылуу, мажбур кылуу.

**МАЖБУРЛОО мажбурла** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЖЕС** Начар, чабал. *Өз кемчилигин өзү билип турса да мойнуна албоо – анык мажестиктин белгиси* («Кыргыз руху»).

**МАЖИЛИС** Жыйын, кеңеш. *Мажилис куруу. Жалпы мажилис.*

**МАЖЛИС мажилис** менен бирдей.

**МАЖМУА** Тарых жыйнагы. Бул эмгек 16 кылымда жазылган. Хайдардын тарыхы деп да аталат. Бул эмгекте кыргыз уруулары айтылган. Атактуу Тагай бий Багдад халифасына кат жазып, сеид Мир Жалилди үйүнө алып келгени, анын батасын алганы, кыргыз уруулары айтылат. *«Манас»* жөнүндө да маалымат бар.

**МАЖНУН** 1. Жинди болуу, келесоо болуу. 2. «Лайли Мажнун» чыгармасынын бир каарманынын аты. *Чын сүйүп Мажнун өңдүү ашык болдум, Кара көз Күлүйпа аттуу сулуусуна* (Осмонов).

**МАЖОР** *муз.* 1. Бийик, шаңгыраган добуштуу үн алышууга негизделген музыкалык ыраат, гамма. 2. *өт.* Көңүлдүү, шаттуу маанай.

**МАЖОРИТАРДЫК СИСТЕМА** Добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоо тартиби, аймакта округда көпчүлүк добуш алган талапкер (же талапкердин тизмеси) шайланган болуп эсептелинген шайлоо системасы. *Кыргызстандын шартына пропорционалдык-можаритардык система ыңгайлуу экенин турмуш өзү көрсөттү* («Агым»).

**МАЖҮРӨӨ** Чабал, начар, алсыз. *Алсыз мажүрөө көрүнгөн Ташболот күчөгөндөн күчөдү* (Бектенов).

**МАЖҮРҮМ ТАЛ** Бутактары ичке келип, төмөн карай ийилип салаңдап турган дарак. *Көчөнүн аягыраак жагында чоң түп мажүрүм тал* (Жантөшев). *Мажүрүм талдын шагындай Кара чачы чубалган* («Мендирман»).

**МАЗА** 1. Даам, татык. *Андай чайды Арзыкул чынынын түбүнөн колдун баштары менен кармап алып, мазасын чыгарып ичкенди жакшы көрүүчү* (Байтемиров). 2. *өт.* Маани, татыктуулук, жөндүүлүк, натыйжалуулук. *Абдыракман бай баласы болсо да чамасы чак, мазасы жок* (Сыдыкбеков). *Ал арыздарынан да маза чыккан жок* («Чалкан»). 3. *өт.* Тынчтык, тынч абал, айла. *Динар баштагы мүнөзүндө болсо, чоң эненин мазасын алат беле?* (Сыдыкбеков). *Сурмалуу бото көзүң жаркылдаса, Бозойдун жүрөгүнө бербейт маза* (Токомбаев). *Касымдын мазесин кетирип, мык болуп мээсине сайылат* (Ибраев).

**МАЗАК** Шылдың, келеке. *Тигилер чучукка сайыла турган кеп менен [Көкөнү] мазак кылууда* (Касымбеков). *Бир селсаяк ырчыдан уккан мазак белимди беш бүктөп сындырды* (Жакиев).

**МАЗАКТА** Шылдыңдоо, шылдың кылуу, келекелөө. *Кичинекей кыз чоңдордун мазактаганына көңүл бөлбөдү* (Осмоналиев).

**МАЗАКТАЛ мазакта** этишинин туюк мамилеси.

**МАЗАКТАТ мазакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЗАКТАШ мазакта** этишинин кош мамилеси.

**МАЗАКТОО мазакта этишинин** кыймыл атоочу.

**МАЗАЛУУ** 1. Даамдуу. 2. Жакшы, мыкты адам. *Уулу анча мазалуу эмес.*

**МАЗАП** 1. Ислам дининин бир тармагы. *Арийне мындай жактар Дзен мазаптарынын (секталарынын) үгүтүн жүргүзүүгө сүкүт салып, ойлонууга жасалып келинген* (Жусупов). 2. *өт.* Баш ийүү.

**МАЗАР** 1. Көрүстөн. 2. Касиеттүү, колдоочусу, пири бар деп эсептелген сыйынуучу жай. *Мазарды көрсө бай Жакып, Баркырап ыйлап, жалынып* («Манас» С.О.). *Эл – мазар, элден чыккан азар* (макал).

**МАЗАР БАСЫП КЕЛГЕН** Алыстан, алыс жерден келген. *Мазар басып келген даам экен, алсаңар, – деп, чай берип жаткан аял өрүк, мейизден биз жакка жылдырып койду* («Ала-Тоо»).

**МАЗАРКЕРДЕ** *диал.* Мазар маанисинде. Сыйына турган ыйык жай.

**МАЗАРЛУУ** Мазары бар, мазары көп. *Мазарлуу жерге түнөдүм мында бала көрбөдүм!* («Эр Төштүк»).

**МАЗЕ маза** менен бирдей.

**МАЗЕК** Тамаша, ойноп айтылган сөз. *Мени мазек кылбачы.*

**МАЗИН** Азанчы, азан чакыруучу, сопу. *Мазин мечиттин башына чыгып азан айтты.*

**МАЗИР** Аракет, таасир, үзүр. *Буундан булут ичкени, Жамгыр болгон, аккан суу. Бул кызматың эл үчүн, Мазир болгон, аккан суу* (Барпы).

**МАЗМУН** 1. Нерсенин ички маңызы; айтылуучу же билдирилүүчү негизги пикир. *Ырдын мазмуну шахтёр Мусабектин жүрөгүн сыздаткан* (Сыдыкбеков). 2. Китептин, чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси.

**МАЗМУНДУУ** Мазмуну жакшы, маанилүү. *Ыр мазмундуу, терең ойлуу болсо, жүрөккө жагымдуу болот* (Шүкүрбеков).

**МАЗУРЕТ мүсүрөт** менен бирдей. *Өзүбек жолдоштордун кургак мазурети деп ойлойбуз* (Мавлянов).

**МАЗУРКА** *муз.* Бийдин бир түрү жана ошол бийдин музыкасы.

**МАЗУТ** *а.ч.* Нефтиден бензин, лигроин, керосин жана дизель отунун бөлгөндөн кийин калган кара күрөң коюу суюктук.

**МАЗҮҮР** 1. Кечки маал, күн батаар маал, 2. Ошо кездеги сүйлөшүү, кечки сүйлөшүү, баарлашуу. *Шамал кармаган Жоомарт кечки мазүүр маалында жетип барсам деп шашкалактайт* (Станалиев).

**МАЗЬ** *мед.* Денеге сүртүү, сыйпоо үчүн колдонулуучу дары май. *Күкүрт мазы.*

**МАЙ I** 1. Жан-жаныбарлардын денесине жыйналган, сууда эрибөөчү табигый органикалык зат. *Койдун эти менен майы – күчтүү тамак.* 2. Малдын сүтүнөн алынуучу жогору сапаттуу азык. *Сары майын сактаган, Курутун күнгө кактаган* («Калмырза»). *Асыл байбиче жентекке деп куйган чоң карын сары майын алып, шаарды көздөй шашылыш жөнөдү* (Жейренбаева). 3. Өсүмдүктөн алынуучу азыктык май. *Күн карама майы, чигит май, зыгыр майы. Чырак кандай майы бүтөр кезинде, Дал ошентип күн эңкейди бешимге* (Султанов). 4. *этн.* Пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы. *Аттын майын төлөө. От майын төлөө.*

**МАЙ II** Календарлык жылдын бешинчи айы. *Май айы эле коштошкон күн акыры, Элесиңиз бир сүрөттө чагылды* (Акматалиев).

**МАЙ БАШ** Эч нерсени түшүнбөгөн, байкабаган, анчалык деле кенебеген. *Алдагы селдеңдей болуп ичегиң чубалып кала элегиңде бу жерден жогол! Тапкан экенсиң май башты!* (Үмөталиев). *Тапкан экенсиң май башты* (Тойбаев).

**МАЙ БОЛПОЧ** Болтоюп эттүү көрүнгөн, чыйрак эмес, жүүнү бош, борпоң деген мааниде. *Болжураган май болпоч бала тура.*

**МАЙ ЖУКПАС** Шыпылдаган, абдан эпчил. *Карыптын мисирейген май жукпас келини мага чаканы карматты* (Элебаев).

**МАЙ ИЧМЕ** Элдик ишеним боюнча: суугуна айланганда, ичи өтүп алсырап, май ичирүүнү талап кылуучу оору (көбүнчө жаш балдарга карата). *Баласы май ичме болуп, ары барып, бери келди.*

**МАЙ КАБАК** Календер, дубаналардын мойнуна жип менен асып алган идиши. *Базар десе шайланат, Май кабагын байланат.*

**МАЙ КАЗАН** Кең пейил, март, берешен. *Ылайыгы келген жерлерде Кадыйдын май казан болуп кетээр жери да бар* (Үмөталиев).

**МАЙ КӨЛ, СҮТ КӨЛ ОРНОТУУ** Бардыгын кең-кесири, мол кылып жыргатуу, ойдогудай шарт түзүү. *Татыбек раис болсо жыргатат, бир жагыңа май көл, бир жагыңа сүт көл орнотуп коёт* (Байтемиров). *Май көл менен сүт көлдү, Үйгө орнотуп койсоңуз* (Жантөшев).

**МАЙ КӨТӨН** Ак жолтой, жолу жакшы деген мааниде (көбүнчө балдарга карата: өзүнөн кийин эркек бала төрөлгөн же ал туулгандан кийин ар кандай жакшылык иштер, кубанычтар болгон учурда) колдонулат. *Ак жолтой, май көтөн бол* (Сыдыкбеков).

**МАЙ ТАЛКАН** Жанга тынч, олжосу, пайдасы көп кызмат, абдан пайдалуу жер же ошондой абалдагы шарт. *Кетер эле, бирок, мындай май талканга жетпейт* (Шүкүрбеков). *Жумшактык кылсаң кээ бирөө Май талкан кылат аябай* (Сарногоев).

**МАЙ ТАМАН** Жөө басууга көнүкпөгөн, жөө жүрүүнү, жан кейитип кыйналууну көп каалабаган, манап сымал. *Май таман киши мергенчиликке жарабайт. Байлардын май таман балдары нечен курдай ызырынганда Кристинанын жүрөгү сыздайт* (Ашымбаев).

**МАЙ ТАМЫЗУУ** *к.* **чырагына май тамызуу.**

**МАЙ ТУЯК** Ашып-ташып, ирегесинен май агып, менменсинип, дөөгүрсүп турган. *Анда чегиңден өтпөй чыдай тур, «май туяк» манап* (Бейшеналиев). *Ырчы май туяк болсо, сизге окшоп калат* («Кыргызстан маданияты»).

**МАЙ ЧАБАК** Карп балыктарынын тукумуна кирүүчү майда балык.

**МАЙ ЧЕҢГЕЛ** Колунда бар, берсе колунан келе турган, куру кол эмес. *Эми май чеңгел Тоголок Молдо кутсө сендей катчыны, тобо дебегенде ниетебиз* (Бейшеналиев).

**МАЙ ЧУҢКУР** Жан кейитпей, эч кыйналбай жыргап-куунап жата берүүчү жай, бекер оокат. *Мына бул жакта да май чуңкур бар! Бар болгондо да кандай?* (Жантөшев). *Куусуң да куу кишилердин баары ушундай болот, май чуңкур тапса да бирөө аркылуу таап, анан өзү култ кирип кетет* (Абдукаимов).

**МАЙДА** 1. Кичине, кичинекей, бөлчөктөнгөн, ири эмес, чоң эмес (көлөмү, көрүнүшү жагынан). *Майда таш. Майда суулар. Майда тууралган эт. Майда тал.* 2. Олуттуу эмес, орчундуу эмес, ири эмес. *Майда жумуш. Майда сөз. Майда кызматкер. Майдадан ирир курулат, учкундан жалын тутанат* (макал).

**МАЙДА-БАРАТ** Чоң эмес, олуттуу эмес кичине буюмдар, жумуштар жана анча мааниси жок сөз, пикир. – *Ошондой майда-барат эмени да жумушсунтуп отурат белек* (Убукеев).

**МАЙДА ЖАНДЫК** Кой, эчки. *Бодо малы, майда жандыгы болуп колунда жыйырма-отуздай малы болор эле. Жер саймасы – байчечекей булайса, Майда жандык кубанышат өпкүлөп* (Токомбаев).

**МАЙДА ЖАШЫН ЖАШАП КОЮУ** Чоңоюп калуу, балалык куракттан өтүү. *Ал майда жашын жашап, мына эми он сегизге толгон кырдалы* (Сыдыкбеков). – *Эмесе сен майда жашыңды жашап койгон турбайсыңбы? – деп курбулаш бирөө күлүп койду* (Токомбаев).

**МАЙДА СӨЗ** Анча мааниси жок пикир, бир сүйлөнүп кала берүүчү сөз, атайын бир максатты көздөп айтылбаган кеп. *Үй-бүлөдөгү майда сөздүн баарын энесине ташый берет* (Абдукаимов).

**МАЙДА-ЧҮЙДӨ** **майда барат** менен бирдей. *Ал кичинесинен тартып майда-чүйдө жумуштарды иштеп көнгөн* (Таштемиров). *Айсулуу майда-чүйдөлөрүн өзү эле ремонттоп ала коёт* (Баялинов).

**МАЙДАЙ ЖАГУУ** Купулуна толуу, туура келүү, ойлогонундай, ойдогудай болуу. *Тазабектин көзүнүн чаарын баамдап коркуп отурган саяк молдого Мекебайдын тигиндей деп айтканы майдай жагып, жым дей түштү* (Сыдыкбеков).

**МАЙДАЛА** 1. Кесек, келки нерселерди кичине бөлүктөргө бөлүү, майда түргө келтирүү, майда кылуу. *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле* (Осмонкул). 2. Майда себелөө. *Майдалап жааган жаан.* 3. Ири, чоңураак суммадагы акчаны майда акча менен алмаштыруу.

**МАЙДАЛАН** **майдала** этишинин өздүк мамилеси.

**МАЙДАЛАТ** **майдала** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙДАЛОО** **майдала** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙДАН** 1. Көк чыккан аянт, эмгек жумшап көгөртүп-жашартылган жер. *Ачылган ар түрдүү гүл бактын ичи, Көрүнөт көз алдыңда жашыл майдан* (Үмөталиев). *Суусуз болгон талааны Майдан кылып тирилткен* (Бөкөнбаев). 2. Согуш талаасы, согуш болуп жаткан жер, фронт. *Кан жошулган майданда Карсылдаша салыштык* (Бөкөнбаев). *Эл талайы үчүн биздин замандын ак ниет кишилери майданда* (Сыдыкбеков). 3. Маданий майдан. Эмгек майданы.

**МАЙДАНА** Майда согулган жибек кездеме. *Кызыл торко майдана* («Семетей» С.К.).

**МАЙДАНДАШ** 1. Согушта, сайгылаштарда чогуу болгондук. 2. Бири-бири менен салгылашуу. *Көпкө майдандашып жеңише алышпады.*

**МАЙДАЧЫЛ** Майда-чүйдө фактыларга негизделген, болбогон нерсеге чоң баа берүүчү адам.

**МАЙЗА** Эгиндин көгү, алысын. *Кузгу буудай майзасы, Мен амалың болоюн. Кузүндө бурлап тердесең, Мен шамалың болоюн* (Эл ырлары).

**МАЙИН** *диал.* Жумшак, уяң, сылык. *Адамга кастык кылбаган, Майин жигит жакшы экен* (Барпы). *Шыңга бойлуу, ушунчалык майин сүйлөгөн Дилара аттуу кызды жакшы көрүп калды* (Ш.Абдыраманов).

**МАЙКА** Трикотаждан жасалган жеңсиз жана жакасыз ич көйнөк.

**МАЙКАН** Даны биротоло тазаланып-ажыратылып алынбаган, дагы жеткире бастырып, кызылы алына турган эгин.

**МАЙКАНА** Балдардын оюну, жалпы эле балдардын оюн-тамашасы. *Майкана көрбөй бала оңолбойт, жокчулук көрбөй жигит оңолбойт* (макал).

**МАЙКАНДА** 1. Саманы бөлүнгөндөн кийин, эгиндин кызылын алуу үчүн кайрадан бастыруу. 2. *өт.* Аябай жанчуу, жок кылуу, талкалоо, жайлоо.

**МАЙКАНДАЛ** **майканда** этишинин туюк мамилеси.

**МАЙКАНДАТ** **майканда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙКАНДАШ** **майканда** этишинин кош мамилеси.

**МАЙКАНДОО** **майканда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙКӨЛ** Көптүк, молдук, кененчилик.

**МАЙЛА** 1. Май сүртүү, май сүйкөө. *Чачын майлап өрөт дейт, Тогуз уулдан ал кызын Абдан өөдө көрөт дейт* («Эр Төштүк»). 2. Актоо; сүртүп жугузуу. *Маляр келди, бир чоң үйдү майлады, Кабак түйгөн капалыкты айдады* (Осмонов). **В.: Оозун майлоо.** Белгилүү бир максат менен сыйлап көңүлүн алып коюу, пара берүү. *Бай старчындын оозун майлап койгондуктан аны колдойт* (Абдукаримов). **Стол майлоо** *же* **орун майлоо** *сүйл.* Жаңы кызматка, орунга турганда ошол кызматын белгилеп тамак-аш берүү.

**МАЙЛАН** **майла** этишинин өздүк мамилеси.

**МАЙЛАНЫШ** Май жуккан, май баскан же май сүйкөгөндөй көрүнүштө болуу. *Майланышкан жыртык малакайы бар Култай аксакал жулунуп чыкты* (Абдукаримов). *Өңү да майланышып жылтырап калыптыр* (Байтемиров).

**МАЙЛАНЫШУУ** **майланыш** этишинин кыймыл атоочу. *Кымыз ынак сүттөй кесенин эрдөөнүнө жылт-жылт маланышууда.*

**МАЙЛАТ** **майла** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙЛОО** **майла** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙЛУУ ЖҮРӨК** *к.* **жүрөгү майлуу.**

**МАЙЛУУ** Майы көп, майы арбын кошулган, семиз. *Майлуу тамак. Майлуу эт.*

**МАЙЛУУЛУК** Майы көп, курамында майы арбын болгондук. *Топоздун сүтү башка малдын сүтүнө караганда өзүнүн майлуулугу менен айырмалуу* (Абдукаримов). *Академик Лысенко саан уйлардын сүтүнүн майлуулугун жогорулатуу маселелерине токтолду* («Советтик Кыргызстан»).

**МАЙЛЫК** 1. Тамактангандан кийин кол аарчый турган кол аарчы. 2. Тамактанган столдун үстүн, дасторконду тазалоо үчүн колдонулуучу чакан кездеме. *Майлыктары кир экен, Сиз байкабай калдыңыз* (Осмонов).

**МАЙМАК** 1. Төөнүн бутунан баса албай калган оорусу. *Төө маймак болсо эч нерсеге жарабай калат.* 2. Ийкемсиз, копол, колдогой.

**МАЙМАҢКӨЛӨТ** Көпкө таштап коюу, көпкө калтырып коюу. *Маймаңкөлөтпөй эле берчи.*

**МАЙМУРУН** *диал.* Көп нерселерди түшүнүп биле элек тестиер бала. *Эң улуусу маймурун, сары чийкил бала.*

**МАЙМЫЛ** Мүчө түзүлүшү жагынан адамга бир кыйла жакын болгон сүт эмүүчү жаныбар.

**МАЙМЫНЖАН** Кара бүлдүркөн.

**МАЙНАП** 1. Сугарылгандан кийин этегине чыккан суу. 2. *өт.* Натыйжа, маани.

**МАЙНАПСЫЗ** Эч натыйжасыз, эч жыйынтыксыз.

**МАЙНАПТУУ** Натыйжалуу, жыйынтыктуу. *Айтканыңыздын баары майнаптуу.*

**МАЙНЕКЕ БОЛОЮН** Убадага бек туруп, айтканымды аткарып, орундатам деген сыяктуу ишендирүү, каргануу маанисинде айтылат. *– Деги бирдеме билген болсом, майнеке болоюн* (Ала-Тоо»). *Тоскоол болсом майнеке болоюн* (Кушубеков). *Булар менен сүйлөшсөк эле майнеке болоюн!* (Тойбаев). **В.: Майнекенин таз катыны болоюн!** *Экинчи кайталасам, майнекенин таз катыны болоюн!*

**МАЙНЕКЕ** Убаданы аткарбай уят болуу. *Келбесе майнеке болушат эле да, – деп Шабданды карады, жандап бараткан кула тайчан бала* (Токтоналиев).

**МАЙОНЕЗ** Өсүмдүк майы, жумуртканын сарысы, уксус, горчица ж.б. татымдар аралаштырылып жасалган чыктык тамак.

**МАЙОР** Армиядагы капитандан жогорку офицердик наам жана ушундай наамы бар адам.

**МАЙПАЙ** Жантайыңкы, теңселиңки жай кыймылдаган абалда болуу.

**МАЙПАҢ: майпаң-майпаң** 1. Теңселе, чайпала басканды же ошондой кыймылды билдирүү үчүн колдонулат. 2. Көбүнчө жакшы чайнай албаган кишинин чайнагандагы көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

**МАЙПАНДА** 1. Теңселиңки, чайпалың-

кы кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу, майпаң-майпаң этүү. *Өрдөктөр майпаңдап ээрчише басты* (Каимов). 2. Көбүнчө тиши жок жакшы чайнай албаган кишилердин майпаң-майпаң эте чайноосу.

**МАЙПАНДАТ майпанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙПАНДОО майпанда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙПАР** Майыбы бар; чабал, мажес. *Ал өтө, жансыз, өтө майпар адам деп ойлойсуңар, бирок бул божомол жаңылыш* (Абдумомунов).

**МАЙПЫК** Жалпак.

**МАЙРАМ** 1. Белгилүү бир көрүнүктүү окуяны белгилөөгө арналган салтанаттуу күн. *Май майрамы. Улуу Октябрь майрамы. Жеңиш майрамы.* 2. Кандайдыр бир кубанычтуу окуяга байланыштуу көңүл ачуу салтанаты, оюн-күлкү, кубаныч, шаттык. *Үйбүлөнүн майрамы. Ыр майрамы. Спорт майрамы.*

**МАЙРАМДА** Белгилүү бир салтанаттуу күндү, майрамды шаттуу түрдө белгилөө, кубаныч, салтанат менен өткөрүү. *Майрамдаган кыздар Жеңиштайды ырдатышчу* (Сыдыкбеков).

**МАЙРАМДАЛ майрамда** этишинин туюк мамилеси.

**МАЙРАМДАТ майрамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙРАМДОО майрамда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙРАМДЫК** Майрамга таандык нерселер, иш-чаралар ж.б. *Майрамдык көргөзмөлөрү, оюн-шоокторду балдар ата- энелерине, меймандарга тартуу кылышты* («Жаш ленинчи»).

**МАЙРЫЙ** Бир жагына жантайган майрык абалга келүү, сынынан кетип кыйшаюу. *Майрыйган өтүк.*

**МАЙРЫЙТ** 1. Ийрейтүү, кыйшайтуу. *Бир жагына майрыйта басылган өтүктүн турганын көрүп, үй ичинде ким бар экенин баамдады* («Ала-Тоо»). 2. **майрый** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙРЫК** Кыйшык, көрүнүшү бир жагына жантык, түз эмес, кебинен кетип, майрыйган. *Майрык өтүк. Сынчынын сыңар өтүгү майрык* (макал).

**МАЙРЫНДА** Кыйшайып кыймылдоо.

**МАЙРЫЮУ майрый** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙСА майсан** менен бирдей.

**МАЙСАЛА** Жашылдануу.

**МАЙСАН** Көк чөп. *Кең талаанын көк майсаны болоор-болбос эртеңки желге чайпалып, кулпунат* (Баялинов).

**МАЙСЫРА** Май жегиси келүү.

**МАЙТАНДА** *диал.* Буту-колу жоон келип, өзү жайылган денелүү болуп, чайпалып, майпандап басуу.

**МАЙТАР** 1. Көбүнчө миздүү, кырдуу, учтуу нерселердин мизин, кырын, учун ийип кайруу, уруп, чаап майыштыруу. 2. *өт.* Күчүн, кайратын кайтаруу, сокку берүү. *Кызыл аскер күч менен, Душмандын мизин майтарды* (Барпы). *Эрдин эри майтарат, Эриш бузган жоо мизин* (Токтогул).

**МАЙТАРТ майтар** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙТАРУУ майтар** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЙТАРЫЛ майтар** этишинин туюк мамилеси.

**МАЙЧЫЛ** Майды, майлуу тамакты жакшы көрүүчү адам.

**МАЙЫН СУРОО** Убактылуу пайдалануу (көбүнчө күч унаага карата). *Көл-Короонун жанындагы айылдардан көчкөнгө жүк арта турган бир-эки төөнүн майын сурап келем* (Убукеев).

**МАЙЫН ЧЫГАРУУ** Колуна алган ишин абдан мыктап, сапаттуу кылып аткаруу, жерине жеткире иштөө, мыкты иштей билүү. *Езефтин аялы көп сүйлөбөгөн, жай кыймылдап, бирок иштин майын чыгарган неме* (Ашымбаев). *Өзүнө тагылган тапшырманын майын чыгарып, майнаптуу иштеген адамды кадырлап, жогору баалаган* («Советтик Кыргызстан»). *Эмгектен качпайт ырыс, өз ишинин майын чыгара кылыш* (Шүкүрбеков).

**МАЙЫП** Кандайдыр бир мүчөсү кем, мүчүлүш; кадимкидей эмес, кемчил, жарамсыз. *Канча болсо да майыптын иши майып да* (Байтемиров). *Мекен коргоодо бир бутуңуз майып болгон экен* (Убукеев). *Майып кылган баатырды, Билинбей келип калкына* («Калмырза»).

**МАЙЫП БОЛУУ** 1. Өлүү, курман болуу, жарык дүйнө менен коштошуу. *Теңдиксиз жоонун колунан Майып болду Курманбек* («Курманбек»). *Жоокерчилик, жылкы тийип келүү эрдик деп жүрүп, агалары майып болушту* (Абакиров). 2. Жарадар болуу, жарат алуу, колу-буту же башка мүчөсү зыянга учуроо, кырсыкка кабылуу. *Эки уруунун чабышында ал бир көзүнөн ажырап майып болот* (Медетов).

**МАЙЫШ** 1. Ийилүү, ийиле түшүү, бир жакты көздөй майтарылган абалда боло түшүү. *Баатырлар чыгып сайышса, Бакандары майышат* («Манас»). *Бутагы бүрдөп майышкан, Булбулдар конор тал бекен* (Калык). *Толкундун күчү бар болсо, Тоо дагы болсо майышар* («Казыбек»). 2. *өт.* Кыйналган абалда болуу, кыйынчылыкты көтөрө албаган баш ие баштаган абалда болуу, чабалдык кылуу. *Ансыз да күйүп өкүргөн шордуу балаң ызаланар, майышар* (Сыдыкбеков). *Жаш келин мында да майышпады* (Сыдыкбеков).

**МАЙЫШКАК** Ийилгич, мажес. *Жердин*

*коюу, жашыл чачтары чыйырчыктын майышкак, кучсуз жаш денесине багына койбойт* (Токомбаев).

**МАЙЫШТЫР майыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЙЫШУУ майыш** этишинин кыймыл атоочу.

**МАК** 1. Айла куруу, убара болуу, айла кетүү. 2. Уят болуу, абийири төгүлүү, калпы чыгуу. *Таба албай жүрүп куу кыргыз, Ушуну менен мак болсун* («Манас» С.О.).

**МАКА жүгөрү** менен бирдей. *Жегени мака, көргөнү капа, бутунда чарык, эккени тары* («Эл адабияты»). *Бизге эки чака мака бердиби?* (Абдукеримов)

**МАКАКА** *зоол.* Маймылдын бир түрү.

**МАКАЛ** Турмуштук тажрыйбанын негизинде эл тарабынан түзүлгөн акыл насаат берүүчү кыска, элестүү, таасирдүү сөздөр. *Сен Барпыга айтып бар: «Эл каргаса, жерге батпайт» деген макалды унутпасын* (Байтемиров). *«Союлуң күчтүү болсо, жооң алыс жүрөт» деген макал бар илгертен* (Сыдыкбеков). *Макал – сөздүн атасы* (макал).

**МАКАЛА** Журналда, газетада же жыйнактарда чыгуучу көлөмү жагынан анча чоң эмес, илимий же публицистикалык чыгарма. *Баш макала. Сын макала. Газеталык макала.*

**МАКАЛДАТ** Макал кошуп, макал аралаштыра сүйлөө. *Элебес калыбында козголбой олтуруп макалдатып койду* (Сыдыкбеков).

**МАКАЛДАТУУ макалдат** этишинин кыймыл атоочу.

**МАКАЛЧЫ** Макалды көп билген, макалды көп колдонуп, макалдатып сүйлөгөн. *Макалчысы шол эле, Базарчынын жолу эле* («Манас»).

**МАКАМ I** Даража, жетишкен дэңгээл. *Байгамбарлык макамын, Шиш аябай иштеди* («Манас» С.О.).

**МАКАМ II** *диал.* Бекем, катуу. *Таанышса бир тууганды Зарлык акам, Ыйлаган бир карыпка таштан макам* («Эл адабияты»). *Кызамык чыгып кадалды, Кызыма макам мадалды* («Эл адабияты»).

**МАКАРОН** Ачытылбаган камырдан кургатылып жасалган түтүк сымал жумуру кесме. *Макарон салган сорпо.*

**МАКЕ** Жүгөрү. *Байбиче маке кууруп бадыраткан, Кашыкка өлчөп берип жалдыраткан.* (Барпы)

**МАКЕТ** Кандайдыр бир нерсенин кичирейтилген үлгүсү, алдын ала түзүлгөн модели.

**МАКИ** Чөнтөккө салып жүрүүчү кичине, бүктөлмө бычак.

**МАКИНТОШ** Ички бетине резина чапталган суу өткөрбөс кездемеден тигилген пальто. *Ушул учурда машинада калган Жумагүлдүн макинтошун ийнине салып, толугураак келген кара жигит басып келди* (Шимеев).

**МАКИРӨӨ** *туурасы:* **макүрөө.** *Бир сир-кедей макирөө, Жугузбаган боюна* («Манас» С.О.).

**МАКИЯЖ** 1. Косметиканын жардамы менен сырткы келбетти (бетти) сулуулоо, кемчилигин жашыруу ж.б.

**МАККАТУЛЛО** Алланын Меккеси, Алланын үйү. *Болот-хан өзү Маккатуллага зыяратка кеткен дейт ко* (Касымбеков)

**МАКЛЕР** Соода жана биржа келишимдерин түзүүдө жүргөн ортомчу. Сатуучу менен сатып алуучунун ортосундагы далдалчы.

**МАКМАЛ** Тыгыз, түктүү жумшак мата. *Көрпөдөн ичик кылайын, Көбөсүн макмал кынайын* (Токтогул). *Кара макмал тонуңа Жең болоюн, бекбекей* («Бекбекей»). *Кызкелини киет деп, Кымбат жибек шайы алып, Макмал, манат, баркуттан, Шуру, бермет, акактан* («Эл адабияты»).

**МАКОО** Келесоо, айтканды оңой менен түшүнбөгөн, айтканга көнбөгөн кем акыл. *Же кургур ошончолук макоо беле, Чын тийбес, топос кыял жөн билбеген* (Турусбеков).

**МАКООЛОН** Макоо сыяктануу, келесоолонгон мамиле кылуу.

**МАКООЛУК** Маңыроолук, аңкоолук. *Бул кандай макоолук? Азыраак макоолугу болгон менен жүрөгү таза, ак көңүл калдеке* (Бейшеналиев)

**МАКРО** Чоң, ири деген маанини билдирген татаал сөздүн бөлүгү.

**МАКРОКОСМОС** Аалам.

**МАКРОЭКОНОМИКА** Мамлекеттик жалпы өндүрүш орундары, өндүрүштүк саясат.

**МАКРОЭТНОНИМДЕР** Ири уруулардын, уруулук бирикмелердин, элдердин, улуттардын аталышы.

**МАКРӨӨ макүрөө** менен бирдей.

**МАКРУМ** Куру, куру калуу. *Жаш кезинде кой кайтарып жүрүп, окуудан макрум калган.*

**МАКСАТ** Көздөгөн тилек, каалаган ой, ишке ашырууга ниеттенген маселе. *Биздин максат так ушул жетишкендиктерге теңелүү* (Байтемиров). *Алыска сапар чеккен Кара-Кашкам, Алдыңда бир максат бар: Алга! деген. Максаты бийик – алдатпайт, Кыялы күлүк – карматпайт* (макал).

**МАКСАТСЫЗ** Максаты жок, алдына белгилүү бир максат койбогон. *Же көпкүлөң алаңгазар шайтандай Эч максатсыз сызып кетип калгандыр* (Токомбаев).

**МАКСАТТАШ** Максаты бир, оюу, тилеги бир, бир тилекте болгон. *Бир максатташ элдерге, Мээримдүү жаздай сүйүң бар* (Осмонкул).

**МАКСАТТУУ** Максаты бар, максат койгон. *Кол кармашкан жолдошумсуң бир максаттуу, бир тилек* (Токомбаев).

**МАКСАТТУУЛУК** Максат дегенге таандык, белгилүү бир максатты көздөгөндүк. *Массалык-саясий иштин таасирдүүлүгү жана максаттуулугу агитаторлорду туура тандоого байланыштуу* («Советтик Кыргызстан»).

**МАКСИМАЛДУУ** Абдан чоң, барып турган, эң жогорку.

**МАКСИМАЛДЫК** Жогорку даража, эң чоң. Бирөөнү же бир нерсени жогорку даражада пайдалануу.

**МАКСИМУМ** Эң жогорку чек.

**МАКСЫМ** 1. Талкандан жасалган ачымал, суусундук, ачытылган жарма. *Кычан кырма аякка көбүрүп-жабырган максым алып келди* (Бейшеналиев).

**МАКТА** Жакшы жактары, көрүнүктүү иштери, аракети, баатырлыгы ж. б. жөнүндө жактырган сөз айтуу, жакшы жагын көрсөтүү, белгилөө. *Арзыкул дагы бир катар сөздөрдү айтып, инисин чаң жугузбай мактай баштады* (Байтемиров). *Курутун күнгө кактаган, Катынын кыздай мактаган* («Калмырза»).

**МАКТАЛ макта** этишинин туюк мамилеси.

**МАКТАН** 1. **макта** этишинин өздүк мамилеси. 2. Көйрөңдөнүү.

**МАКТАНГАНДЫК** Көйрөңдөнгөндүк. *Асанбай оюнчук машинасын агасына көргөзүп мактанды.*

**МАКТАНУУ мактан** этишинин кыймыл атоочу.

**МАКТАНЧААК** Мактанганды жакшы көргөн, көйрөң, мактана берген. *Чоңмурун мактанчаак, ала көөдөн жигит* (Сыдыкбеков).

**МАКТАНЧААКТЫК мактанчаак** дегенге таандык. Мактанганды жакшы көргөндүк, көйрөңдүк, жөндөн-жөн эле мактана бергендик. *Мактанчаактык жагынан Айдараалынын алдына эч ким чыга албайт* (Абдукаримов).

**МАКТАНЧЫЛЫК мактаныч** менен бирдей.

**МАКТАНЫЧ** 1. Мактанган сөз. 2. Мактоого татыктуулук, сыймыктуулук. Айылдаштары Аскардын ысмын мактаныч менен аташат.

**МАКТАТ макта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАКТАШ макта** этишинин кош мамилеси.

**МАКТОО макта** этишинин кыймыл атоочу. *Кесиптештери анын жасаган ишин зор ыраазычылык менен мактоого алышты* («Кыргыз туусу»). *Мактоо – жеткирет, чагым – өлтүрөт* (макал). *Биз ошондо күрөшчүбүз аянбай, Чал отурчу мактоо сөзүн табалбай* (Султанов).

**МАКТОО ЫРЛАРЫ** *адаб.* Элдик ырчылардын чыгармачылыгындагы лирикалык жанр. Конкреттүү бир адамга же топко карата мактоо, алардын жакшы сапаттарын даңазалоо мүнөзүндөгү чыгармалар. *Сымбаты сулуу чүрөктөй, Сүюлуп чачың жибектей, Созула чыктың жарыштан, Суулугуң жанга сүрөттөй* (Бөлөбалаев).

**МАКУЛ БОЛУУ** Ылайык көрүү, туура деп табуу. *Макул болсо бу сөзүм, Айныбайм айткан кебимден* («Олжобай менен Кишимжан»). **В.: макул көрүү.** *Деп Кубаке кеп айтса, Олжобай макул көрдү эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

**МАКУЛ** Ылайык, туура көргөндүктү билдирүү иретинде колдонулуучу сөз. 2. Ошондой болуусу жөндүү. *Келер коноктун тынч келип, тынч кеткени макул.*

**МАКУЛАТУРА** 1. Кайра өндүрүүгө жиберилген жараксыз кагаздар, эски гезит, журнал, китептер. *Басмаканада макулатура көп экен.* 2. *өт.* Сапатсыз, маанисиз, эч нерсеге арзыбай турган, начар жазылган адабий чыгарма, керексиз илимий эмгек, пайдасыз жазуулар. *Мындай макулатураларды сактап алып эмне кылам?* («Чалкан»).

**МАКУЛДА** Туура табуу, туура көрүү. *Жигиттердин жаманы, Сөз талашып такылдайт, Өзүнүн сөзүн макулдайт* (Барпы).

**МАКУЛДАТ макулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАКУЛДАШ макулда** этишинин кош мамилеси.

**МАКУЛДОО макулда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАКУЛДУК** Макул болгондук, кабыл алгандык, туура тапкандык. *Мамбеткул оюн Кадырбекке айтып, анын макулдугу боюнча бул маселени колхоздун башкармасынын алдына койду* (Каимов).

**МАКУЛУК** Тирүү жан, жалпы эле жан-жаныбарлар. *Макулук болсоң – өлмөк бар* (жомок). *Дүйнөнүн бардык макулуктары таң менен бирге ойгонду* (Токомбаев). *Макулуктун түйшүктүүсү кумурска* (Токомбаев). *Сен өз жаныңды эптеп баккан бир макулуксуң* (Сыдыкбеков).

**МАКҮЛ** *дин.* Колдоочу, колдоп жүрүүчү. *Мунуңардын макүлдөрү меникинен күчтүү экен, – дейт чоң бакшы эсин жыйып-жыйбай* (Жигитов).

**МАКҮРӨӨ** *дин.* Жешке, пайдаланууга болбой турган, таза эмес. *Чочко күрүсүн, чылада жаткан неме макүрөө да ал* (Сыдыкбеков). *Сүттү макүрөө кылып таштабадыбы* (Осмоналиев).

**МАКШАР** *(туурасы* ***Махшар****)* *дин.* Адамдар көрлөрүнөн туруп, чоң суракка бара турган жай. *Мен энекең бейбактын, Түгөнбөй турган кеби бар. Таңды макшар күнүндө, Беш балбандай момунга, Кара эшек болор эби бар* («Каныкейдин жомогу»).

**МАКШАР МАЙДАН КҮНҮ** *(туурасы*

*Махшар) дин.* Кыямат кайым болгондогу чоң сурак күнү деген мааниде. – *Макшар майдан күнүндө Алланын, Мухаммед пайгамбардын жүзүн көрбүп калалы! – дешип, чуркураша бата кылышты* (Жантөшев).

**МАЛ I** 1. Жылкы, уй, төө, кой-эчкилердин жалпы аты. *Несин айтасыз, жайыттын көркү мал эмеспи* (Убукеев). *Уй абдан ыкшоо мал* (Убукеев). *Табийгаттын татына жарашыгы, Малга, жанга байлыгы таратылуу* (Султанов). 2. Мүлк, дүнүйө. *Мал-мүлкү көп. Мал дүйнөсү жок.* 3. Товар. *Магазинге түшкөн мал. Мергенге чыгышыбыз ыктымал деп ээрчите келген уезддик калаага, өз дүкөндөрүнө мал алып келген* (Абакиров).

**МАЛ II** 1. Суюктукка чөгөрүү, матыруу. *Кашаң карагер сууга кирери менен тумшугун сууга малып, кылтылдатып жута баштады* (Бейшеналиев). *Байлыкка башы малынгандан корком, Бактыга буту чалынгандан корком* (Шакирова). 2. Батыра саюу. *Жүрөккө шамшар малды эми* («Эр Табылды»).

**МАЛ БОЛУУ** Айыгып кетүү, оңолуу.

**МАЛ БООР ЭТ МЕНЕН ТЕҢ** Өтө жакын, керектүү. *Боз жоргонун кайгысын унута албай жүргөндүрсүң, мал боор эт менен тең эмеспи, нары да жанга өлчөнгөн жакшы болсо?!* (Касымбеков).

**МАЛ-ЖАН** Бир үй-бүлөнүн, айыл-апанын мүчөлөрү, анын бүт үй-жайы, мал-мүлкү деген мааниде колдонулат. *Пароходдун чоңдугу, Мал-жаны менен бир район, Бүтүн батып түшчүдөй* (Ю́сөнбаев). *Мал-жандын аман экенин угуп көөнүм тынайын* (Тоголок Молдо).

**МАЛ ЖАНДУУ** Малга жакын, малсаак, малды жакшы көргөн.

**МАЛ КИНДИКТҮҮ** Мал өстүрүүгө жайлуу, ыңгайлуу. *Ак мөңгүлүү Ала-Тоо Мал киндиктүү жер экен* («Ала-Тоо»). *Малынан айрылгысы келбеген да ушул мал киндиктүү көчкөн журт* (Сыдыкбеков).

**МАЛ-МҮЛК** Жеке адамдын ээлигиндеги дүнүйө-буюм, мал байлыгы. *Мал-мүлкүнөн ажырап, Мусапыр болуп тим калган* («Казыбек»).

**МАЛ ЧАРБА** Айыл чарбасынын мал өстүрүүчү тармагы. *Мал чарбанын устасы, малдын жайын биле алган* (Осмонкул).

**МАЛ ЭЭСИ МАШАЙЫК** Мал ээси улуу, өз малын өзү билет, бериш-коюшту өзү чечүүгө, мал союлганда өзү биринчи ооз тийүүгө акылуу, укуктуу деген сөз.

**МАЛА I** Айдалган жердин топурагын майдалоо үчүн колдонулуучу унаага же тракторго чиркеп сүйрөтүүчү айыл чарба шайманы. *Азыр соко, мала, кетмен, күрөк сыяктуу шаймандарды ремонттоп жаткан кези* (Бейшеналиев).

**МАЛА II** Анчалык ачык эмес өң. *Мала көк көйнөк. Мала кызыл жоолук. Өңкөй жука мала тон кийген калпалар пиринин оозунан эмне чыкса ошону өтө ыйык санай зиркиреп кайталап ал сөз биринен бирине өтүп, баары тегиз чөк түшкөн* (Касымбеков).

**МАЛА ДААМ** Тузу кем, даамы жок.

**МАЛААМ** 1. Жарага тартыла турган, көбүнчө эзилген ун сүйкөлгөн чүпүрөк. 2. Мазарларда жыгачтын бутактарына байлап, илип коюла турган тилке чүпүрөк, кебез.

**МАЛАЙ** Бай-манаптарга киши күчүнөн пайдалануучуларга жалданып иштеп же кызматын кылган жалчы. *Малайы болуп байлардын, Мал менен бирге жаткамын* (Бөкөнбаев). *Жерсиз элем, жер бердиңер, Малай элем, эрк бердиңер* (Токомбаев).

**МАЛАЙЛЫК** Малайдын абалы. *Малайлыкка жалдандым, Мал ордуна кармалдым* (Осмонкул). *Күндөрдүн биринде Жоро Муслимахунду малайлыктан бошотот* (Жантөшев).

**МАЛАК ЖАЛАГАНДАЙ** Тып-тыйпыл, жыпжылма, эч нерсеси калбагандай. *А бүгүн малак жалагандай, кардарлар тургай, ээси дайынсыз* (Бейшеналиев).

**МАЛАКАЙ** Жүнү ичине каратылып териден тигилген баш кийим. *Каалганын жанында малакайын баса кийген, тоо эчкинин терисинен жасалган жаргак шымчан бир киши отурат* (Байтемиров). *Көмөч ысык. Оф! фу! Кантем, калакай, Коломтого топтой ыргып малакай* (Кожомбердиев).

**МАЛАКАЙЧАН** Малакай кийген. *Анын көзүнө малакайчан турушкан эки-үч баш көрүндү* (Сыдыкбеков).

**МАЛАЛ** Өкүнүч, кайгы, күдүктөнүү, капалык. *Алмамбеттин көөнүнө Аябай салган экемин, Албан түрдүү малалды* («Манас» С.О.). *Эшитилсин элге деп, Энди айтамын пахтаны. Эч кимге малал келген жок, Алты айланып чапканы* (Эл ырлары).

**МАЛАЛА** Мала тартуу, топуракты майдалоо.

**МАЛАЛАТ** **малала** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАЛАЛОО** **малала** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЛАХИТ** Ар түрдүү декоративдик буюмдарды жасалгалоодо жана боёк катары да пайдаланылуучу кара тилке сызыктары бар ачык жашыл түстөгү минералдын бир түрү. *Малахит шкатулка. Малахит ваза.*

**МАЛАЧЫ** Мала тарткан, мала тартып жүргөн. *Малачы балага суусун алып келди.*

**МАЛГУН I** 1. *дин.* Кудайдын каргышына калып куулган шайтан. 2. *өт.* Каргыш тийген бетпак. 3. Жапайы, орой, мал (айбан) мүнөздүү адам. *Кызыталак Малгундун* («Манас» С.О.). *Макел Малгун дегендин көзү ушу деп билгин* («Манас»).

**МАЛГУН II** *диал.* Көзгө көрүнбөгөн, бирок түнкүсүн ачык калган тамак ашты булгап, ойноп, адамга оору пайда кыла турган жандык.

**МАЛДАН** Мал күтүү, малдуу болуу.

**МАЛДАНУУ малдан** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЛДАШ мандаш** менен бирдей.

**МАЛДУУ** Малы арбын, малы көп. *Туштугүндө пахта, жибек, кени бар, чыгыш жагы – кендүү, малдуу Тянь-Шань* (Токомбаев).

**МАЛДЫН БУТУН СЫНДЫРУУ** Бир нерсеге атап же кандайдыр бир жакшылыкка арнап мал союу. *Бир малдын бутун сындырбасам болобу! Кана, ыраазылык берип коюңуз* (Касымбеков).

**МАЛИК** Дин түшүнүгүндө тозоктун башчысы.

**МАЛИНА** Мала кызыл түстөгү, таттуу мөмөлүү бадал өсүмдүгү жана анын мөмөсү.

**МАЛКАМ** Сулп этке бээнин сүтүн кошуп, жай кайнатып даярдаган тамактын түрү.

**МАЛКАНА** Мал короо, мал туруучу жай. *Кыштоодогу бир бөлмөлүү тамдын жанында жабык малкана турат* (Абдукаримов).

**МАЛКОР** Мал күткөндү, жакшы көргөн адам, мал жандуу адам. *Айылдагы малкорлор, короодогу сакчылар кыйкырып, иттерди айдакташты* (Жантөшев).

**МАЛКЫ** Туйтунуу, кенен жетишүү. *Акка малкып эле калдык. Быйыл түшүм жакшы болуп, эгинге малкып калдык.*

**МАЛМА** Тери, кайыш булгаарыны иштетип ийге келтирүү үчүн ылайыкталган ар кандай кошунду ачыткыч. *Илгери терини малмага салуу, кыруу, ийлөө процесстери кол күчү менен иштелчү* (Сасыкбаев). *Ашаткысын кандырган, Малмага беш ай жаткырган* («Семетей»).

**МАЛСААК** Малды жакшы көрүүчү, малкор. *Катын-бала малсаак болбосо, адам мал күтпөйт* (Акиев).

**МАЛТЕК** *диал.* Төөматек. *Кан увазир оюнунда малтек алат.*

**МАЛУУ мал** этишинин кыймыл атоочу.

**МАЛЧЫ** Мал багуучу. *Шамбет жайлоого чейин жете барып, жайыттагы малды көрүп, малчылар менен коштошуп кайтты* (Сыдыкбеков).

**МАЛЧЫЛЫК** Мал багуучулук, мал чарбачылык. *Райондун негизги чарбасы малчылык* (Бейшеналиев).

**МАЛЫН мал** этишинин туюк мамилеси.

**МАЛЯР** Үйлөрдү, имараттарды сырдоочу, актоочу жумушчу. *Маляр келди, бир чоң үйдү майлады, Кабак түйгөн капалыкты айдады* (Осмонов).

**МАЛЯРИОЛОГ** Безгек оорусу боюнча адис. *Маляриолог врач.*

**МАМА** Эмчек. *Берчи, энеке, ак мамаңды сагындым* (Турусбеков). *Ак мамасын эмизген, Ак буламык жегизген* (Үмөталиев). *Эки мама меники, эрмегим деп, чымчыганың жанымды магдыратып* (Абдалова).

**МАМАДАНА** Кургак чечен, куу чечен. *Кыжыры ташып чыкса да, өзүн колго ала токтотуп унчукту: – Сен мамадана неме көрүнөсүң. Сүйлөшөбүз...* (Адыраманов).

**МАМАЙДЫН КӨРҮ** Кайда барсаң да, кандай кылсаң да кыйынчылык, азап-тозок, кайгы, муң деген мааниде. Э, *балам! Чыдабаска амал канча? Кайда барсаң Мамайдын көрү* (Жантөшев). *Эмне кылуу керек? Барар жер, басар тоо жок. Кайда барсаң да Мамайдын көрү...* («Ала-Тоо»).

**МАМАЙДЫН КУНУНДАЙ КУУ** *к.* **чубактын кунундай куу.**

**МАМАК** *диал.* Жапайы айбандын эмчеги.

**МАМАЛАК** Аюунун, топоздун баласы. *Аюунун мамалагы тамтаңдап жаңы эле басыптыр* («Жомоктор»). *Ысаков топоз өстүрүүгө белсенип киришти. Ал быйыл өзүнө бекитилген 33 топоздон 33 мамалак алды* («Советтик Кыргызстан»).

**МАМАЛЫГА** Жүгөрүдөн жасалган ботко.

**МАМИЛ** Чайдын түрү, сорту. *Ичпей мамил чай болбойт, Кийбей кызыл шай болбойт* (Токтогул).

**МАМИЛЕ** 1. Адамдардын ортосундагы бири-бири менен болгон катышы, байланышы, бирөөгө же бир нерсеге карата көз карашы. *Каныбек экөөнүн мамилеси жакшы* (Жантөшев). *Ал дайыма кичи пейилдик менен мамиле кылат* (Жантөшев). 2. *грам.* Субъектисине же объектисине карата болгон кыймыл-аракеттин ар кандай катнашын көрсөтүүчү этиштин категориясы.

**МАМЛЕКЕТ** Аймактык, саясий, экономикалык өз алдынчалыкка ээ, жалпы саясий бийликти, коомдук укуктарды ишке ашыруучу атайын органдарга ээ калктыксаясий коомдук бирдик.

**МАМЛЕКЕТТИК мамлекетке** таандык. *Арбын болсун, артык болсун мамлекеттик планың* (Нуркамал).

**МАМОНТ** Ушу кезде тукуму жоголгон, пил тукумуна кирүүчү чоң жаныбар.

**МАМПАҢ** Кытай жеринде кыргыздар арасында колдонулган мансап. Болуш даражасына барабар.

**МАМПАР** *диал.* Жайган камырды төрт бурчтап кичинекейден кесип, эт, картошка аралаштырып жасаган сорполуу тамак. *Мампарды үзүп жасайбыз.*

**МАМЫ** Ат байлоо үчүн жерге орнотулган жыгач. *Атбагар атты мамыга байлады* (Абдукаримов).

**МАМЫК** Куштардын канаттарынын астындагы майда, жумшак түк; тыбыт. *Мамык жаздык. Маалында кыркса үлпүлдөп, Мамыктан жумшак жүндөрү* (Калык). *Этиң жумшак мамыктай, Эркелетсең талыкпай*

(Боогачы). *Кызыктуу көргөн күн кайда, Карынан түшүп мамыкка* («Казыбек»).

**МАМЫР** 1. Берекелүү, тынч, береке жайнап турган мезгил, оогасыз турмуш. *Ушу күндө да турат, Бай деген мамыр шаарыңыз* («Манас» С.О.). 2. *диал.* Мамыр-жумур. Жымжырт, тыптынч. *Айлана мамыр-жумур боло түштү.*

**МАМЫРА** Эч нерседен кам жебөө, ыракаттануу, жайлануу, мемирөө. *Балам үйлүү болду деп, Мамырап калды энеси* (Тоголок Молдо). *Малга жайлуу мамыраган төрлөрү* (Калык).

**МАМЫРАТ мамыра** этиштин аркылуу мамилеси.

**МАМЫР-ЖУМУР БОЛУУ** *к.* **камыр-жумур болуу.**

**МАМЫРОО мамыра** этишинин кыймыл атоочу.

**МАМЫРЧЫЛЫК** Мамыр бейкут, жоош, жайма-жай. Көңүлүнө кароо, жооштук кылуу, кечиримдүү болуу. *Бай экен деп Жакыпка, Мамырчылык кылба – деп* («Манас» С.О.).

**МАМЫРЫ** *бот.* Топ гүлү себет сыяктуу, ал эми чоку жалбырактары жылдыз сымал түктүү, дарылык касиети бар гүл, б.а. эдельвейс. *Баа жеткис дарылар: Уу коргошун, мамыры, Шыраалжыны дагы бар* (Эл ырлары).

**МАНАП** *тар.* 1. Ислам динине чейин арабдардын табынган ыйыгынын (бут) аты. 2. *тар.* Эл бийлөөчү, эл башкаруучу. 3. *өт.* Куу чирен, жумуш кылбаган адам. *Сен ким элең түгөнгүр, Курсагыңды май баскан? Манапмарча керилип, Манапмарча жай баскан* (Эл ырлары). *Манап – де, Биздер кармалып. Кейиштүү болуп зарланып* («Казыбек»).

**МАНАС** 1. *филос.* Байыркы Индия философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири. Бардык менталдык болгон нерселерди камтуучу эң кеңири маанидеги акыл. 2. Калкаа, корголой турган жай, байыр алуучу орун.

**МАНАС ТААНУУ** *адаб.* Кыргыз фольклористикасынын, «Манас» эпосун жыйноону, изилдөөнү, илимий принципте бастырып жарыялоону ишке ашыруучу тармагы.

**МАНАСЧЫ** *адаб.* Кыргыз элинин гениалдуу көркөм мурасы «Манас» эпосун айтуучу, аткаруучу таланттуу адам. *Эл дегдешип манасчынын, ырчынын, комузчунун чыгышын күтүштү.*

**МАНАТ** Көбүнчө кызыл түстөгү түктүү кездеменин түрү. *Ууктарын учтаган, Учуна манат тыштаган* («Манас» С.О.). *Ортосу кызыл манаттан бастырылып, тегереги чачыктуу кара тукаба менен коозддолгон сайма туш кийиз үйдүн бир капшытын бут каптап турат* (Каимов). *Макмал, манат, баркуттап, Шуру, бермет, акактан* («Эл адабияты»). *Мамыда турат байлануу, Манаттан дорбо жайлануу* («Эл адабияты»).

**МАНАТТАЙ** Манат сыяктуу. *Төлөнбай миңбашы манаттай кыпкызыл килемде отурат* (Абдукаримов).

**МАНГАЛ** Атайын шишкебек бышырууга ылайыкталып жасалган буттуу меш, очок. *Ошондо кафелердин бирине барып, мангалда бышкан жыты буркураган кыпкызыл шишкебек менен кружка толо көбүгү чыккан «Барс» сырасын ичүүгө эмне жетсин* («Супер инфо»).

**МАНГО** *бот.* Тропиктерде дайыма көгөрүп өсүүчү бак жана анын саргыч жашыл түстөгү жыпар жыттуу мөмөсү.

**МАНДАЛАК** Калпак сымал ири гүлдүү пияз тукумундагы жапайы өсүмдүк, жоогазын. *Тоодогу ышкын, чүкүрү мандалак, чайыр сыяктуу чөп-чардын бардык түрлөрүн жеп жүрдүм* (Абдукаримов).

**МАНДАЛАКТАЙ** Семиз, татынакай, мандалак сыяктуу. *Сарайда жакшы багылып жаткан мандалактай торпокторду көрдүк* («Советтик Кыргызстан»).

**МАНДАЛИН** *туурасы:* **мандолина.** *Комуз жок чыдап турбадым, Тагып алып черткемин, Мандалиндин сымдарын* (Токтогул).

**МАНДАРИН** Дайыма көгөрүп турган, түштүктө өсүүчү цитрус багы жана ушул бактын кабыгы жука, өңү саргыч мөмөсү.

**МАНДАТ** Өкүлдүк, сунуш-талап тапшырма. Белгилүү бир адамдын өкүлдүгүн күбөлөндүрүүчү документ. *Депутаттык мандат.*

**МАНДАШ: мандаш урунуп** *же* **мандаш токунуп отуруу** Тизелерин бүгүп, эки бутту кайчылаштырган абалда астына жая жалпак отуруу. *Райымбек буттарын жыйып, мандаш урунуп отурду* (Каимов).

**МАНДЕМ** Кандайдыр бир кемтик, бир нерсеси жетишпегендик; жаздымдык.

**МАНДИКЕР** Туруктуу иштеген орду жок, эмгек күчүн колунан келген өнөрүн сатып күнүмдүк жумуш кылуучу адам, кара жумушчу. *Мамаш Жумашты кечээ күнү мандикерге жөнөткөн* (Жанөшев).

**МАНДИКЕРЛИК мандикер** дегенге таандык. Күнүмдүк жумуш кылууну кесип кылгандык. *Жаштардын көбү мандикерлик иш издеп чар тарапка тарап кеткен* (Абдукаримов).

**МАНДИЛИ** Кездеменин бир түрү, андан жасалган элечек, селде, суу жоолук, оромол. *Баса түшүп жыгылды, Мандили баштан чубалып. Баса албай көзү тунарып* (Тоголок Молдо).

**МАНДОЛИНА** Төрт жуп металл кыл тартылган, кичинекей жука пластинка менен чертилип ойнолуучу, көбүнчө арткы бөлүгү күпчөк сыяктанып кеткен музыкалык аспап. *Шаңдуу ыр, ачык күлкү гитара менен мандолинанын үндөрүнө кошулууда*

(Абдумомунов). *Кош бол, байкуш мандолинам, таштап кеттим күн нурундай кылдарыңды чарт үзүп...* (Муканов).

**МАНДЫКЕР мандикер** менен бирдей.

**МАНЁВР** 1. Душманга сокку берүү максатында аскерлерди же флотту топтоштуруп которуштуруу жолу. 2. Согуш абалына жакындатылган шартта жүргүзүлгөн аскерлердин, флоттун тактикалык машыгуусу. 3. Темир жолдордо поезд, паровоздорду, вагондорду орун которуштуруу ыгы. 4. *өт.* Ыкчам ыкма, амал, айла.

**МАНЕЖ** 1. Атка мингенди үйрөтүүгө же машыктырууга арналган атайы имарат же курчалып тосулган аянт. 2. Цирктеги арена. *20-июнда «Жылдыздар манежде» долбоорунун жыйынтыктоочу туру өттү* («Кыргыз Туусу»). *«Жылдыздар манежде» долбоорунун жетекчиси А.Тезекбаева* («Агым»). 3. Тегереги тосулган кичине бала уктоочу керебет.

**МАНЕКЕН** *сур.* Көргөзмө, кийимдердин үлгүсүн көрсөтүү үчүн жыгачтан ж.б. материалдардан жасалган жана каалаган абалга коюп койгонго мүмкүн болгон адам турпаты, калып.

**МАНЕКТЕЙ** Чоң, олбурлуу, колго урунумдуу. *Байкап турса суусунда, Балыктары манектей. Манектей болгон Күнбосундун ирени кубарып кетти, каны шакардай кайнап кетти* (Субанбеков).

**МАНЕРА** 1. Кандайдыр бир нерсени жасоодогу ыкма, жол, адат, өнөкөт. *Анын сүйлөө манерасы ошондой* 2. Жазуучунун, сүрөтчүнүн, музыканттын чыгармачылык өзгөчөлүгүнүн жыйындысы, стили, ошондой эле чыгарманын аны аткаруунун өзгөчө мүнөзү (чыгармачылыктын техникалык жана стилистикалык ыкмалары).

**МАНЖА** Колдун жана буттун салаа-салаа болуп кеткен эң акыркы кыймылдуу бөлүктөрү (кыймылдуу шакшактары). *Апакай колунун кичинекей манжаларын бирден бүктөп жумуп, бирден ачып, санап чыкты* (Таштемиров).

**МАНЖЕТ** 1. Жең учу. Көйнөктүн жеңинин кайрылган учу. 2. *тех.* Териден жасалган жана поршендүү насосторго кийгизилген алкак.

**МАНЖУ** Туңгус-манжу тукумунан тараган эл. *Силер кайдан? Манжусуңарбы? – дейт доошу күркүрөп. Биз кыргызбыз. Илгери ушул тегеректеги манжулар менен чабышып жүргөн убакта бу Магнитогордун дайны жок болчу* (Айтматов).

**МАНЖУРЛАР** Кытай Эл Республикасынын административдик чарба району болгон Дунбэйде жашоочу калк.

**МАНЖЫРА** Балжырап турган ириң. *Манжырасын агызган, Акмак тазга кезиктиң* («Эр Төштүк»).

**МАНИКЮР** Колдун тырмактарын күтүү, кам көрүү, аны боёо иштери. *Барар жери күндө маникюр, ателье, бий ресторан кечинде* (Борбугулов).

**МАНИПУЛЯТОР** Айлакер, көз будамайлоочу адам.

**МАНИПУЛЯЦИЯ** 1. Татаал ык, татаал айла-амал. 2. *өт.* Көз жазгыруу, көз боёо.

**МАНИФЕСТ** 1. Бөтөнчө маанидеги окуя боюнча жогорку бийликтин калкка кат жүзүндө кайрылуусу, үндөө. 2. Саясий партиялардын, коомдук уюмдардын программалык мүнөздөгү кат жүзүндө кайрылуусу.

**МАНИЯ** 1. Өзүнүн түшүнүгүн жана ойпикирин, аң сезимин кандайдыр бир идеяга топтогон психикалык оору, абал. 2. Белгилүү бир объектиге кумарланып, дилгирленип калуу, бир нерсенин артынан сая түшүү учуру.

**МАНКУРТИЗАЦИЯ** Өз элинин тарыхын, маданиятын, нравалык жана руханий багытын ж.б. унутуу процесси.

**МАНКУРТИЗМ маңкуртчулук** менен бирдей.

**МАНОМЕТР** *физ.* Жабык мейкиндикте суюктуктун, газдын, абанын, буунун басымын өлчөөчү прибор.

**МАНПАР мампар** менен бирдей. *Манпар, куймак, кымыз, куурма чай, бардыгын эле билем, менден сурар бекен?* (Токомбаев).

**МАНСАП** Башкаруучулук укугу бар кызмат орду, бийлик даражасы. *Ал мансап үчүн жутунуп, далайга пара берген* (Маликов). *Мансапка жетер менен өзүмчүл, өз көмөчүнө күл тарткан киши болуп чыкты* («Чалкан»). *Байлык кууп, дүнүйөнү жыйнабаймын, Мансап кууп, бар же жок деп ылгабаймын* (Ибраев). *Мансапка мас болгон көлгө көпүрөө салам дейт* (макал).

**МАНСАПДАР** Кызматтагы адам, кызмат ордун ээлеген адам.

**МАНСАПКОР** Мансапты көздөгөн, мансапты жакшы көргөн адам. *Мансапкорлор манап куулар* (Калык).

**МАНСАПКОРЛУК** Мансапты көздөөчүлүк, мансапты жашкы көрүүчүлүк.

**МАНСАПТУУ** Урмат-сыйлуу, жогорку кызматка жеткен адам.

**МАНСАРДА** Ӱйдүн чатырындагы жашоого ылыйыкталып жасалган бөлмө. *Мансардасы менен үй салды.*

**МАНТ** 1. Кандайдыр бир кыйын абалдан кутулуп кетүү максатында жасалган амал, буйт берип кетме айла. *Дубанын канча эми бар, Ысык чилде жай күнү, Мант кылып аны байлаган* («Манас» С.О.). 2. Куулук, митаамдык, жаман ойлуулук. *Ок тиштешкен анты көп, антынан да манты көп* (фольк.). 3. *өт.* Кокус кылуу, жеңип алуу, мерт таптыруу. *Басташканын мант кылган, Балбандык жайы дагы бар* («Манас» С.О.).

**МАНТ БЕРҮҮ** Чукул бурулуу, чыга бе-

рүү. *Мант берип кыйла адамды умсундурган* (Медетов). *Мант берген түлкүдөй, жалт бергени жылкыдай* (макал).

**МАНТАЙ** Эки бөйрөгү чыгып балтайган, балчагай көрүнүштө болуу. *Бермет китептин бетиндеги музоонун сүрөтүн көрө коёт. Ананайын ий дегеле мантайып сонун көрүнөт деди* (Байтемиров)

**МАНТАҢ: мантаң-мантаң этүү** Мантайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Журтта калган жалгыз күчүк борс-борс үрүп, мантаң-мантаң чуркап жүрдү* («САЖИ»).

**МАНТАҢДА** Мантаң-мантаң этүү, мантаң-мантаң эткен кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу.

**МАНТАҢДОО мантаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАНТЕК** Муштум, какыс-кукус ишарасы. *Жеткенден калтек, жетпегенден мантек жеп* (фольк.).

**МАНТИЯ** 1. Кенен, узун сырт кийим; монахтардын, чиркөө кызматкерлеринин, кээ бир өлкөлөрдөгү соттордун, жактоочулардын, коомдор менен академиялардын окумуштуууларынын мүчөлөрүнүн сый кийими. 2. Омурткасыз жаныбарлардын, моллюскалардын, айрым рак сымалдардын денесин каптап турган сырткы терисинин бүгүшү.

**МАНТО** Аялдардын кең тигилген пальтосу.

**МАНТУУ** Камырдын ичине майда тууралган эт салып, бууга бышырылган тамак. *Палоо басуу, мантуу жасоо жагынан чоң адисмин деди Түгөл* (Бейшеналиев).

**МАНТУУЧУ** Манты жасаган киши. *Келер менен Зарлыккан манты пурушттун алдына барат* («Эл адабияты»).

**МАНТЫК** 1. Жерден боорун көтөрүп тынып калуу, чоңоюп, ирденип калуу. *Мантыгып калган күчүк.* 2. Тоюнуу, тоюнуп толуп оңолуу. *Өмүрлөрүн бүркөп заңкир дат баскан, Жылаңаяк, жылаңбаштар мантыкты* (Токомбаев).

**МАНУАЛДЫК** Колдун таасири менен дарылоо. *Мануалдык терапия.*

**МАНУСКРИП** Байыркы кол жазма.

**МАНУФАКТУРА** 1. Капиталисттик өндүрүштө ири машиналык өнөр жайдан мурун болгон ремеслолук техниканын убагында эмгектин ар түрдүү болуп бөлүнүшү менен мүнөздөлүүчү формасы. 2. Кездеме, ткань.

**МАНЧЫРКА** Менменсинүү, текеберленүү, барктануу. *Манас минтип турганда, Сенин манчыркашың кеп эмес* («Манас»).

**МАНЧЫРКАТ манчырка** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАНЧЫРКОО манчырка** этишинин кыймыл атоочу.

**МАНЬЯК** 1. Психикалык жактан оорулуу, манияга кабылган мыкаачы адам.

**МАҢ I** 1. Мендубана. 2. Нашаа. *Маң тарткандан кейибиреп, мас болгондон кеңгиреп.* 3. *өт.* Келесоо кейбир. *Күйөөң жаман жан болсо, Күндө акылың маң болор* (Эл ырлары).

**МАҢ II маң-маң** Төөнүн салмактуу басыгынын элес туурандысы. *Маң-маң, маң баскан, Чуудаларын чаң баскан* (Эл ырлары).

**МАҢ БАШ** Эч нерсеге түшүнбөгөн, жеткире ойлонбогон, кем акыл. *Фархаддын бай үңкүрүн табабыз деп далай маң баштар келишкен* (Тойбаев).

**МАҢ БОЛУУ** Эмне кыларын билбей, башы айланган абалда дал болуу, өзүнчө бир чечимге келе албай башы катуу. *Эки айрылыш жолдун кайсынысына түшөрүмдү билбей, маң болуп туруп калдым* («Ала-Тоо»). *Иштерди иштеп, эми эки айры жолдо маң болгон Манапбай салкын тартып Айнагүлдөн алыстоого аргасыз болду* (Сыдыкбеков). *Эмне үчүндүр менин оюма эчтеке келбей башым маң болду* (Абдукаримов). **В.: Маңги баш болуу.** *Анын ушу калаада калганын, биротоло эле маңги баш болуп кайыр сурап калганын Асылбек угуп жүргөн* (Абакиров).

**МАҢГЕЛ** Сабагы катуу чөптөрдү орууга, куурай алууга ылайыкталган орок.

**МАҢГИ I** 1. **баңги** менен бирдей. 2. *өт.* Дөдөй, макоо, келесоо. *Адам болбой баарыбыз, Маңги болгон экенбиз* («Эр Төштүк»). *Көп сүйлөгөн маңгилер, Күзгү кирген текедей* (Молдо Кылыч).

**МАҢГИ II** Түбөлүк.

**МАҢГИЛИК I** Нашаа пайдалангандык. *Маңгиликке жол берип, Машакатка кимдер даар* («Эл адабияты»).

**МАҢГИЛИК II** Түбөлүктүк. Кылымдар бою.

**МАҢГЫЛ** Кызгылт.

**МАҢГЫТ** Иттин өңүнүн аталышы.

**МАҢДА** Өсүмдүктүн боюна чыгып жапырт өсүп кетүүсү. *Буудай маңдап кетти. Түп албай маңдап кеткен картошка.*

**МАҢДАЙ** 1. Баш сөөктүн каштан жогорку чачка чейинки бөлүгү, чеке. *Жалындуу илебине чыдай албай, Жалбарып маңдайыңдан өбөр элем* (Токомбаев). *Жоголуп кетсе белгилүү маңдайында агы бар* (Токтогул). *Билбейм кайдан, табылгансың сен мага, Маңдайыма бүткөн жалгыз бакыттай* (Султанов). 2. Бет алды тарап, бет жак, өзү турган жерден алганда каршы жагы. *Ал маңдайдагы зоонун чокусун карап калды* (Абдукаримов). *Суунун аркы маңдайында кырманчылар от жагышып, көжөсүн кайнатууда* (Айтматов). *Караңгыда катып турсам нестейип, маңдайыма учуп түштү Ак чекит...* (Абдалова). 3. Тагдыр жазмыш. *Ажалдуубуз өлөрбүз, маңдайга жазса көрөрбүз* («Сейтек»).

**МАҢДАЙ ЖЫЛЫТАРЛЫК** Болор-болбос, аз да болсо көңүл бурарлык, анча-мынча

жагымдуу маанай байкалардык, көңүл бурууга арзырлык. *Калем кармаганы кесиптештеринен маңдай жылытарлык сөз укпаган жазуучу да элүүгө чыкканда мактоого бир маарып калат* («Кыргызстан маданияты»). *Алардын ар бири ийгиликтүү пайдаланып, башка тилдерге которуп жатышы маңдай жылытарлык көрүнүш* («Кыргызстан маданияты»).

**МАҢДАЙ ТЕР** Өз эмгеги менен тапкан нерсе, иштеп тапкан акысы, накта эмгегинен жаралган үлүшү.

**МАҢДАЙ ТЕРИ КАЙТУУ** Эмгеги колуна тийүү, эмгегинин үзүрүн көрүү. *Ар бир жерди сарамжалдуулук менен бакканда гана андан маңдай тер кайтат* (Өмүрбаев). *Быйыл күз жаман эмес, маңдай терибиз кайткансып калды* («Кыргызстан Туусу»).

**МАҢДАЙ-ТЕСКЕЙ** Бетме-бет. *Маңдай-тескей төрүнө Малчынын көрдүм жайлашын* (Осмонкул). *Биз бир жак, алар бир жак болуп маңдай-тескей турабыз.*

**МАҢДАЙГА БҮТКӨН** Бар болгон, колунда турган. *Маңдайга бүткөн жалгыз үйү бар жарды чал чыгымды кайдан тапсын?* (Элебаев). **В.: Маңдайга жазган.** *Маңдайга жазганы ушул, буга да тобо деш керек* («Кыргызстан маданияты»).

**МАҢДАЙГА ЖАЗГАНДЫ КӨРҮҮ** Тагдырдын буйругуна моюн сунуу, жазмыш тартуулаганды көрүү. *Маңдайга жазганды көрбөскө чара барбы? – деп Жанкечти абасын сүйөп-таяйт* (Осмоналиев). *Ажалдуубуз өлөрбүз, Кыдыр алла салганын Маңдайга жазса көрөрбүз* («Сейтек»). *Толгон немеден ушуну маңдайына жазып койгонун карасаң?* («Кыргызстан маданияты»).

**МАҢДАЙКЫ** Каршысындагы, бет маңдайындагы, бет алдыдагы. *Келе жатат калың кол, Маңдайкы сары белди ашып* («Эр Табылды»).

**МАҢДАЙЛАШ** Беттешүү, бетме-бет келүү. *Арыстан Манас баатырга Маңдайлашып калганы* («Манас»). *Маңдайлаша калганда Найза болот бул сака* («Эр Төштүк»). *Маңдайлаша келгенди балта менен сойлотуп* (фольк.).

**МАҢДАЙЛАШУУ маңдайлаш** этишинин кыймыл атоочу.

**МАҢДАЙЛУУ** Чекелүү. *Адамзаттан таңдайлуу, адамдан чолпон маңдайлуу.*

**МАҢДАЙЧА** Босогонун үстүнкү туура жыгачы.

**МАҢДАЙЫ АЧЫК** *к.* **кабагы ачык.**

**МАҢДАЙЫ ЖАРЫК** Жаркылдаган, ачык-айрым, кабак түйбөгөн. *Ынтымак менен адилдик бар жерде, душман күчсүз, элдин маңдайы жарык.*

**МАҢДАЙЫ ЖАРЫЛУУ** Аябай кубануу, сүйүнүү, жайдарылануу, көңүлү шат болуу. *Эл кубанып турса, биздин да маңдайыбыз жарылып калат* («Кыргызстан маданияты»).

**МАҢДАЙЫ ЖЫЛЫБОО** *к.* **чекеси жылыбоо.**

**МАҢДАЙЫ КАЙКЫ** Бактысыз, таалайсыз, таалай айтпаган, багы ачылбаган. – *Шору арылбаган Батийна..! Туулгандан маңдайы кайкы жаралган экен да...* (Сыдыкбеков). *Маңдайым кайкы, ырысым тайкы белем?* (Үмөталиев).

**МАҢДАЙЫ ТАЙКЫ** Бактысыз, турмуштан жолу болбогон. *Мындай маңдайы тайкы шоркелдей болоорбу эринен кара кагаз келген күнү баласы чарчап отурбайбы* (Кадыров).

**МАҢДАЙЫНА СЫЙБОО** Буюрбоо, буюрбай калуу. *Ай кагылайын Алтынай ай! Ал биздин маңдайыбызга сыйган жок. Не деген чолпон эле* («Ала-Тоо»). *Ал да маңдайына сыйбай кетти* (Сыдыкбеков).

**МАҢДОО маңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАҢКА** 1. Көбүнчө жылкыда болуучу жугуштуу оору. *Башты балта бузат, жылкыны маңка бузат* (макал). 2. Мурду бузулган, мурду мырык же шаңыракай, киңкилдеп мурдунан сүйлөп калган. *Котон жара менен ооруп, мурду маңка болгон* (Токомбаев). *Ич маңка. Туюк маңка.*

**МАҢКАЙ** Маңдайы жазы, мүчө түзүлүшү келишимдүү, сөөктүү келип бадырайып толмоч көрүнүү. *Асемдеп жакшы кийинген, Ак келин чыкты маңкайган* (Маликов). *Кулайым маңкайып толмоч* (Бейшеналиев). *Жүзүңө кал жарашып, Маңкайып... толукшуган айдан бетер* (Муканов).

**МАҢКАЙТ маңкай** этишинин аркылуу мамилеси. *Ак боз атын маңкайтып, туура тартып тура калып.*

**МАҢКӨШ** Маңыроо, сөздү туура түшүнө бербеген, апенди чалыш. – *Каратып туруп маңкөш боло калганын кара!* (Осмоналиев).

**МАҢКӨШТҮК** Маңыроолук, сөздү туура түшүнө билбестик, апенди чалыш.

**МАҢКУРТ** 1. Өз ата-энесин тааный албаган, билбеген акыл-эссиз адам. 2. *өт.* Өз элинин, ата-бабаларынын тарыхын, маданиятын унуткан, нравалык-руханий салтын танган адам, адам – робот. *«Тегиңди унутпа, ата мурасын бил, антпесе айласыз маңкуртка айланасың» деген Чыңгыз Төрөкуловичтин эскерүүсүн жадыбыздан чыгарбашыбыз керек* («Кыргыз Туусу»). *1937-жылдагы кандуу репрессиядан, жетимиш жыл бою созулган орусташтыруу доору учурунда Манас осуяттарын жериген нигилисттер, өткөн тарыхын таанybай, танган маңкурт «киргиздердин» мууну пайда болду* («Кыргыз Туусу»). *Маңкурт сөздү айландырып терминге, Бийиктеди чыгармачыл тактыңыз* (Акматалиев). *Маңкурт болуп, атып салса энесин, Ак жоолугу – аппак кушка айланып* (Акматалиев). *Адам-*

*дардын бир болушун самаган, Маңкурттардын жок болушун каалаган* (Акматалиев). *Маңкурттар ай, заманада көбөйүп, Түшүнчү жок, сөөк талашып, чыр чыгып* (Акматалиев).

**МАҢКУРТТУК** Маңкуртка таандык мүнөз сапаттар.

**МАҢКУРТЧУЛУК** Өз элинин, ата-бабаларынын тарыхынан, маданиятынан алыстоо, унутуу; кечээкини эстөө, баалоо, эртеңки келечек жөнүндө камкордук көрүү сыяктуу адамгерчилик сапаттардан ажырап, утурумдук керектөөчүлүк кызыкчылыктардын кулуна айлануучулук.

**МАҢОО маңыроо** менен бирдей.

**МАҢУУ** Басуу, жүрүү. *Барарыма жерим жок, Маңып жүргөн бир жанмын* («Манас»).

**МАҢЫЗ I** 1. Дандын, мөмө, жемиштин, жашылчанын, ширеси. *Тамактын маңыздары организмге тароодон мурда боорго барат* («Ден соолук»). 2. Маани, керектүү, пайдалуу мазмун. *Өзү сөзмөр өнөрлүү, сөзүнүн чыкты маңызы* (Калык). *Акылбек карыянын сөзү абдан маңыздуу болду. Маңыздагы бар эле, Байыр таппай келдиң го* («Калмырза»).

**МАҢЫЗ II** Бабыр, эзме, бир нерсе жөнүндө майдалап эзип түшүндүргөндү же сураганды жакшы көргөн адам. *Мээни ачыта турган маңыз адам эле* (Жантөшев). *Пайдасы жок кеп айтып, Маңыз сөздү чиритет* (Токтогул).

**МАҢЫЗДАН** Кайта-кайта кайталап, маанисиз эзип, мыжып сүйлөй берүү. *Маңызданып сүйлөө.*

**МАҢЫЗДАНУУ маңыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**МАҢЫЗДУУ** 1. Ширелүү, маңызы бар. 2. Мазмундуу, маанилүү. *Нуркасым эң маңыздуу кылып сөз сүйлөдү* (Баялинов). *Маңыздуу эч нерсе айтпады.*

**МАҢЫРАЙ** Тике жана таң калуу менен маңыроо чалыштанып кароо. *Биз кирип барганда маңырайып карап калышты* (Элебаев).

**МАҢЫРАЙТ маңырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАҢЫРАЮУ маңырай** этишинин кыймыл атоочу.

**МАҢЫРОО** Келесоо чалыш, бир нерсени, айтканды сезбеген, элебеген; дендароо жүргөн. *Кычан уйлардын баары эле өзүлөрүнүн сыңар мүйүз маласындай маңыроо болот деп ойлоочу* (Бейшеналиев). *Ал маңыроо чалыш намыскөй неме!* (Жакиев).

**МАҢЫРООЛУК** Келесоолук, аңкоолук. *Өзүңдүн маңыроолугуңдан ошону түшүнбөй калгансыңда.*

**МАП** сын атоочтун *мапмайда* сыяктуу күчөтмө даражасын уюштурат.

**МАПЫ** Эки дөңгөлөктүү араба. *Энеме кошуп өзүмдү, Мапысына салыптыр* (Эл ырлары).

**МАР** Жылан. *Чөлдө жүргөн кулан бар, Урун мар деп аталат, Уча турган жылан бар* («Манас»).

**МАРА I** Жарышта, мелдеште чыгып келгендиги белгиленүүчү акыркы чек. *Марага кадимкидей тизгин кагышып келерсиңер* (Бейшеналиев).

**МАРА II** Тиктөө, көз айырбай кароо, мадала тиктөө. *Качырүүчү жолборстой Марап турган сен кимсиң?* («Манас»).

**МАРАЗ** 1. Оору, оорулуу. 2. *диал.* Жаман оору, тери оорусу.

**МАРАЗМ** 1. *мед.* Карылыктын же узак убакыт өнөкөт оорунун кесепетинен организмдин алсыздануусу, акылдан же кубаттан калуу. 2. *өт.* Моралдык жактан чөгүү, күчсүздүк.

**МАРАЛ** Бугунун ургаачысы. *Үркүп чыкса маралы Сайгактаган инектей* («Манас»). *Элик ойнойт гүлдүн терип баригин, Марал ойнойт сая кууп шеригин* (Баласагын).

**МАРАЛ КУЛАК** Жоон сабактуу, шыпыргы гүлдүү, көп жылдык өсүмдүк.

**МАРАФЕТ** Ар кандай майрамдарга, салтанаттуу жолугушууларга өзүн же бир нерсени толук жайга келтирүү.

**МАРАФОН** 1. Грециядагы жердин аты. 2. *спорт.* Б.з.ч. 490-ж. Афинанын Марафон деген жеринде перстер менен болгон согушта гректердин жеңишин кабарлоо үчүн жоокер чуркап өткөн. Ошол себептен алыс дистанцияга чуркоо (42 км), сууда сүзүү, лыжа (50 *км*) ж.б. спорттун түрү боюнча мелдеш марафон деп аталат *Мелдеште марафондук жарыш* (42 *км*) *боюнча жөө күлүктөр Валерий Писарев жана Виктория Полюдина биринчиликке умтулушат* («Супер инфо»).

**МАРАФОН ӨТКӨРҮҮ** Жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөн иш-чараларга жарандардан каражат топтоо. *Кыргызстанды 1925-жылдан 1937-жылга чейин башкарган биринчи мамлекет башчысы Абдыкадыр Орозбековдун 120 жылдык мааркеси үчүн өткөрүлгөн марафондо 8 миллиондон ашуун каражат чогулган. Марафон Тарых музейинин имаратында өтүп, ага Кыргызстандын булуң-бурчунан миңдеген жарандар катышты* («Агым»).

**МАРГАНЕЦ** Агыш күмүш түстүү оңой менен эрибей турган морт металл, химиялык элемент.

**МАРГАНЦОВКА** *мед.* Марганец кычкыл калийдин бүртүк же эритинди түрүндөгү медицинада колдонулуучу зат.

**МАРГАРИН** Өсүмдүк майына башка заттарды кошуп же өсүмдүк майы менен малдын майын аралаштырып жасалган тоң май.

**МАРГАРИТКА** *бот.* Гүлү майда жылдыз сымал, кызыл, ак, мала кызыл түстөгү гүлдүн түрү.

**МАРГИНАЛАР** Түрдүү себептер менен өз маданиятынан же социалдык чөйрөсүнөн ажырап, бирок бөлөк маданиятты али толук өздөштүрө элек адамдардын тобу.

**МАРДАНАЛЫК** Эрдик, баатырлык.

**МАРДАНДОО** Кубануу, эдирендөө.

**МАРДЕК** Даны чыгарылып алынган жүгөрүнүн сотосу.

**МАРДИКЕР** **мандикер** менен бирдей.

**МАРДИКЕРДИК** Кара жумушчунун адистиги.

**МАРЖА I** *сүйл.* Орустар менен жаңы аралаша баштаганда орус аялдарына кайрылууда шарттуу түрдө колдонулуп жүргөн сөз. *Эне сүтүн бербесеңиз да, элик сүтүн берип, балага эне болуп коюңуз, маржа деп, аскерден биртике үйрөнүп келген, чала-чарпын түшүндүрдү* (Касымбеков).

**МАРЖА II** *экон.* Сатып алуу жана сатуу баасынын ортосундагы айырма менен аныкталып белгиленүүчү ортомчунун кирешеси.

**МАРЖАН** Шуру, маржан (коралл) шурудан жасалган кооздук, жасалга. *Инжуу, маржан, зумурут* («Манас» С.О.). *Шуру тогот, маржан таш* («Манас» С.К.). *Көрөсүң жайнап жатканды Маржанды бойго тагынып* (Бөкөнбаев).

**МАРЗЕ** Чек, чек ара. *Садыр кетмен-күрөктөрдү марзедеги алмуруттун түбүнө чогулттурду* (Касымбеков).

**МАРИАТ** Бермет.

**МАРИНАД** Өсүмдүк майы, ачуу татымдар кошулуп даярдалган суюктук, жашылча жемиштерди маринаддоодо куюлуучу уксус (ачык суу, сирке), *Маринадга салынган сельд.*

**МАРИНАДДА** **тузда** менен бирдей. *Маринадга салып ачытуу.*

**МАРИНАДДОО** *а.ч.* Жашылча, мөмө-жемишти уксус кислотасын кошуп консервалоо ыкмасы.

**МАРИОНЕТКА** 1. Жип же ичке зымдын жардамы менен жогору жактан актерлор аркылуу кыймылга келтирилүүчү куурчак. 2. *өт.* Өз эрки менен эмес, башкалардын көрсөтмөсү боюнча иштеген адам, өкмөт, мекеме ж.б.

**МАРИОНЕТТИК** **марионетка** дегенге таандык. *Архангельскини интервенттер... басып алып, ак гвардиялык марионеттик өкмөтү түзүлдү* («Коммунист»).

**МАРИФАТ** **магрифат** менен бирдей.

**МАРИХУАНА** Индия кара куурайынан алынган банги зат (наркотик).

**МАРКА I** 1. Кенже. *Марка бала. Марка уул.* 2. Козу.

**МАРКА II** 1. Көбүнчө, кандайдыр бир сүрөттөр тартылып, төлөнгөн баасы көрсөтүлгөн, каттардын жана башка бир катар документтердин бетине жабыштырылуучу төлөө белгиси. 2. Завод-фабриканын товардагы символу, аты, жасалган жери көрсөтүлгөн белги. *Уралдыктардын заводдук маркасы биздин өлкөгө гана эмес өлкөбүздүн чегинен тышкары алда кайда жерлерге да кеңири маалим* («Советтик Кыргызстан»). *Ал биринчи болуп ар түрдүү маркадагы сигарет өндүрүүчү акционердик коомдо болуп, ишканалардагы иштин абалы менен жакындан таанышты* («Кыргыз Туусу»). 4. Германиядагы жана Финляндиядагы акча бирдиги. *Кимде ким аны кармап беришсе, беш миң марка беребиз деп да көрүштү* (Баялинов). 5. Товардын түрү, тиби, сапаты жөнүндөгү белги. 6. *өт. сүйл.* Кадыр, даража. *– Кой, антип маркаңды түшүрбө.*

**МАРКАБА** **мартаба** менен бирдей.

**МАРКАБАТ** Ырайым, мээрим. *Кана, Мөкүш, сен да ырдай кой бир ирет, Маржан эне Маркабатын билдирет* («Ала-Тоо»).

**МАРКАБАТТУУ** Ырайымдуу, мээримдүү, кичи пейил. *Кантсе да киндик кесип кирин жууган, Биздин маркабаттуу бир боор жер* (Осмонов).

**МАРКАБАТЫ** Ырайымдуулугу, кичи пейилдиги. *Кылышпайт бир-бирине кыянатты, Начарга кандай дейсиз маркабаты* («Эл адабияты»).

**МАРКАДАР** Береке, жакшылык. *О бечара, маркадар тап!*

**МАРКАЗ** Борбор, ортолук; өлкөнүн же шаардын орто жери. *Сиздин балаңыз жарым жылга кетсе, биздин Абдыразак эки жылга кетти. Кеткенде да марказдын (борбордун) өзүнө кетти* (Мавлянов).

**МАРКАЛАШ** Бир кызыкчылыкта болуу. *Тилегибиз бирдей маркалаш, айлыбыз биргеаркалаш.*

**МАРКАМАТ** **маркабат** менен бирдей.

**МАРКЕТИНГ** Керектөө жана өндүрүш продукцияларына сурамдык талапка ылайык өндүрүмүнүн калыптанышын камсыз кылуучу базардын абалын жана өнүгүү келечегин изилдөөгө негизделген чарбалык иш-аракеттерди уюштуруунун жана башкаруунун комплекстүү тутуму.

**МАРКЕТИНГДИК** Маркетингге таандык. *Маркетингдик изилдөө борбору «Барсты» өтүшү боюнча рынокто өзүнүн ээлеген орду бар деп белгиледи* («Суперинфо»).

**МАРКЁР** 1. Бильярд оюнунда упайларды эсептеп туруучу адам. 2. Өзгөчө түстөр менен кагаздагы бир нерсени белгилөө үчүн колдонулган карандаштын бир түрү.

**МАРКИРЛӨӨ** Товарга тамга, белги, марка салуу.

**МАРКИРОВКАЛОО** Белгилөө, клеймо коюу. *Бул жолку шайлоодо бармакты маркировкалоо алынып салынгандыктан 4 миллион сом үнөмдөлөт* («Кыргыз Туусу»).

**МАРКСИЗМ** Табият менен коомдун өнүгүш закондору, эмгекчи массанын эркиндиги, коммунисттик коомду куруу жөнүндөгү илим.

**МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ** Маркс – Энгельс – Ленindин коммунисттик коом жөнүндөгү окуусу.

**МАРКУМ** Өлгөн адам жөнүндө сөз кылууда «ыраматылык», «бейиши болгур» деп айтылчу сөздөй жана ушуларга маанилеш сөз. *Маркум Огонбай тирүүсүндө бир нерсени кыңгыратып черте коюучу* (Каимов). *Ушу болсун бир нуска, Мусакожо маркумдан* («Казыбек»).

**МАРЛИ марля** менен бирдей.

**МАРЛЯ** Көбүнчө жарат таңуу, сүрүү, тазалоо үчүн медицинада о.э. үй тиричилигинде колдонулуучу, ажыракай, жумшак, жука кездеме, даки. *Зуура ак марля оролгон колун суурup көрсөттү* (Баялинов).

**МАРМЕЛАД** Жемиштин пюресине кум шекер кошулуп бышырылган килкилдек (кондитер азыгы) конфеттин бир түрү. *Дизентерия менен ооруп, ооруканадан чыккан балага бал, мармелад берүүгө болот* («Кыргызстан аялдары»).

**МАРОДЁР** Өзгөчө кырдаалдарда элди, ээсиз турак-жайларды талап тоноочулар.

**МАРОККАЛЫКТАР** Марокконун калкы.

**МАРС** 1. Байыркы Рим мифологиясында согуш кудайы. 2. *астр.* Күндөн алыстыгы боюнча төртүнчү орунда турган Күн системасындагы кызгылт түстөгү планета.

**МАРСЕЛЬЕЗА** *муз.* Француздардын революциялык ыры. Франциянын мамлекеттик гимни.

**МАРТ I** Календарлык жылдын үчүнчү айы. *Март айы болсо да, азыр бул жерде жаз белгиси жок* (Жантөшев).

**МАРТ II** Колдо болгонун аябаган, берешен, колу ачык, жоомарт. *Көңүлүн жазат жалпынын, Көңүлү ачык, март адам* (Барпы). *Берген март эмес, алган март* (макал). *Март болсун, дасторкону кенен болсун. Арттырсын, жоомарт келип, дос-жолдошун* (Баласагын). *Тартуулаган сени кыргыз жерине, Табыйгаттын марттыгына ыракмат!* (Ибраев). *Кимдерди оозго алып алкайбыз биз? Мартты – мактап, сараңды – жемелейбиз!* (Баласагын).

**МАРТА** Жолу. *Муну мен көргөнүмө шүгүрлүк деп, Күнүнө нече марта айтат муну* («Эл адабияты»).

**МАРТАБА** Даража, кадыр-барк. *Календердин мартабасы күндөн-күнгө көтөрүлө баштады* (Жантөшев). *Бактылуу болсо эр жигит, Мартабасы озбойбу* («Олжобай менен Кишимжан»). *Салтанаты толгон – дейт, Анын мартабасы озгон – дейт* («Калмырза»).

**МАРТАБАЛУУ** Кадыр-барктуу, даражалуу, ардактуу. *Тойго Таластын баш-аягындагы мартабалуу кишилер гана чакырылган* (Каимов).

**МАРТЕН МЕШИ** Болот иштеп чыгаруучу меш.

**МАРТСЫН** Өзүн март киши сыяктуу көрсөтүүгө аракет кылуу, берешен, колу ачык көрүнүмүш болуу. *Илбирс өңдүү тапканымды мыкчыбай, Мартсынамын элдин ишин көргөндө* (Токомбаев).

**МАРТСЫНУУ мартсын** этишинин кыймыл атоочу.

**МАРТТЫК** Колу ачыктык, берешендик, март, берешен экендигин билдирүүчү сапат. *Берсең берер кезегиң, Марттык кылсаң бир атты* (Токтогул). *Ашым өзүнүн досунун марттыгын мактай баштады* (Каимов).

**МАРТУУ** 1. Кыргыздардын байыртадан бери келе жаткан эң эски ишенимдеринин биринен – аял төрөтүнө байланышкан оорунун ээси – зыяндуу, терс күч, кээде ошол оорунун аты катары да айтыла берет. Элде кара басуу, албарсты – деген аттар менен да белгилүү. Аял төрөт учурунда ээси ооп калууну марту басты же кара басты, албарсты басты – делип түшүнүлөт. 2. *өт.* Туура эмес иш иштеген күнөөлүү адамга карата: эмне болду? эмне болуп жатасың? сыяктуу маанилерде колдонулат. *«Энекеси нетти» деп, «Мартуу басып кетти» деп, Катындын баары чочуду* («Манас»). *Куучу жүргөн жерде төрөгөн аялды мартуу баспайт* (Каимов).

**МАРТЧЫЛЫК марттык** менен бирдей.

**МАРУУ мары** этишинин кыймыл атоочу.

**МАРЧА** Тоо этектеринде же боорунда пайда болгон шорлуу жер. Кой-эчки же жапайы кийиктер жалап үңкүр кылып койгон жай. *Бадалдан бугу бышкырат, Марчадан элик бакырат* («Манас»).

**МАРЧАЙ** Кыска бойлуу, борпоң толук адам.

**МАРШ I** 1. Катарда ыргагы менен бир калыпта басуу ыгы. 2. Аскердик жүрүш тартиби менен бир орундан экинчи орунга жылуу. 3. Марш ритми менен жазылган музыкалык чыгарма.

**МАРШ II** 1. Катардагы кыймылдын башталышын билдирүүчү команда катарында колдонулат. 2. *сүйл.* Жөнөп кетүү, кетүү жөнүндө буйрук берүү катарында колдонулат.

**МАРШАЛ** 1. Көрүнүктүү жана өзгөчө айырмаланган жогорку командалык бөлүктөгү адамдарга жекече берилүүчү генералдан жогорку аскердик наам жана ушундай наамы бар адам. *Советтер Союзунун маршалы. Артиллериянын маршалы. Авиациянын маршалы. Тулпары туйлап маршалдын, Оздугун кемирет* (Бөкөнбаев). 2. Кээ бир мамлекеттердин армиясындагы жогорку аскердик наам же чин, ушундай наамы бар адам.

**МАРШРУТ** Өтө турган, токтой турган жерлери, багыты мурдатан белгиленип коюлган жол. *Туристтик жүрүштүн маршруту.*

**МАРЫ** Кең-кесири болуп кеңеле түшүү, байып калуу, жыргай түшүү.

**МАРЫТ** Канааттандыруу. *Колу мартыраак эмеге кабылса марытып да коёт.*

**МАС** 1. Ичкилик ичүүнүн негизинде алгачкы ал-абалынан тайыган, мастык абалына келген, абдан кызуу. *Арак ичкен тойдо мас, акылы жок күндө мас* (макал). *Жаман адам элге кас, акылсыз жигит күндө мас* (Барпы). 2. Эңги-деңги, каалгыган, ыракатка баткан (көбүнчө абалга карата). *Жыттадым алып мен бүгүн, Чалкыды көккө көңүлүм: Мас болдум атыр жытыңа* (Үмөталиев). 3. *өт.* Менменсинип, чиренип керсейүүчүлүк, абдан көпкөнчүлүк. *Байды кудай урарда Дөөлөтүнө мас болот* (макал).

**МАСЕЙИЛ** Коо, кашат, жото. *Аласыңбы деп кербей Масейилге барышпай, Барып кабар алышпай* («Эл адабияты»). *Масейилдин жолунан, Таап алган көк күкүк* («Манас»).

**МАСЕЛ** 1. *адаб.* Санат-насыят ырлары ушундайча да аталган учурлар бар. *Итин баккан аялдар Элге жагар. Элге жаккан ал аял Эрге жагар* (Калыгул). 2. Макал, лакап, үлгү. *Чакчыгайдын масели, куудулданып туураган* (Молдо Кылыч).

**МАСЕЛЕ** 1. Чечилишин талап кылып турган милдет, абал; чечилиши керек болгон проблема. *Тенти Кычанга орчундуу маселелерди айтты* (Бейшеналиев). *Экинчи маселеде уюштуруу иштери каралды* (Каимов). 2. Кээ бир маалыматтар келтирилип, ошонун негизинде белгилүү жолдорду колдонуп чыгарууну талап кылган эсеп. *Маселе чыгаруу. Маселелер жыйнагы.*

**МАСЕЛЕН** **мисалы** менен бирдей.

**МАСЕЛЕНИ КАБЫРГАСЫНАН КОЮУ** Иштин чечилишин, аткарылышын тездетүү, ыкчамдатуу максатында болор жерин, ток этерин айтуу, чечкиндүү киришип, катуу талап коюу. *Арабыздагы сары сакал Култек абдан чечкиндүү неме эле, бир күнү маселени кабыргасынан койду* (Абдыраманов). *Сессияга маселени кабыргасынан коюп келдим* (Бердикеев). *Болбосоң маселени кабыргасынан коет* (Тойбаев). **В.: Маселени кырынан коюу**. *Атайын партиялык жыйналыш чакырып, маселени кырынан коёбуз, талкуулайбыз* (Егиналиев). *Ал начальнигине кирип эле маселени кырынан коёт* (Жигитов).

**МАСИЛЕТ** Кеңеш, акылдашуу, пикир алышуу, насыят, үгүт. *Кеңеш таап бергин деп, Масилетин курады, Үч кайталап сурады* (Тоголок Молдо). *Кайра жыйын, кайра масилет куруп отурушка убакыт жок* (Касымбеков).

**МАСКА** 1. Ар түрдүү максат менен бетин жаап, тартынып алуу үчүн атайын ылайыкталып жасалган кеп, Бетке кийүү. *Күүгүм айнек маскаларын кийинишип, Эки киши иштеп жатат темирди* (Токомбаев). 2. *өт.* Жасалма ырай, жасалмалуулук. *Бул жөн гана анын маскасы.*

**МАСКАРА** 1. Уят абал, уятка калгандык, айыбы ачылгандык. *Маскара болот эмеспи убададан тайыган* (Жантөшев). 2. Уяты чыккан кишиге карата же тилдөө иретинде колдонулуучу сөз. *– И-ий маскара! – деди Батыш, Чегирткенин маданиятсыз жоруктарын сүрөттөп* (Сыдыкбеков).

**МАСКАРАД** Катышуучулары маска жана ар түрдүү тамашалуу кийим менен чыгуучу зоок-кечеси.

**МАСКАРАЛА** Уят кылуу, шылдыңдоо, маскара кылуу. *Төрөнүн бетин ачып маскаралап, Кылмышын калтырбастан чукуп салат* (Шимеев).

**МАСКАРАЛАТ** **маскарала** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАСКАРАЛОО** **маскарала** этишинин кыймыл атоочу.

**МАСКАРАЛОО ЫРЛАРЫ** *адаб. к.* **кордоо ырлары.**

**МАСКАРАЛЫК** Уят болгон, шылдың болгон абал, шерменделик, уятсыздык.

**МАСКАРАПОЗ** 1. Цирктин элди күлдүрүп, куудулдануучу артисти. *Бетине кызыл боёкту жаап, мурдунун үстүнө кепил койгон үксөйгөн чачтуу маскарапоз куудулданып сүйлөп жатат* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Кебетеси же кандайдыр бир кылык жоругу менен күлкү келтирерлик, шылдың болорлук абалда калган киши.

**МАСКАРАЧЫЛЫК** **маскаралык** менен бирдей.

**МАСКЕ** Каймак май.

**МАСКИРОВКА** 1. Душманга билинбөө максаты менен аскерлерди жана куралдарды жашыруу, душмандан жашынуу амалдары. *Алымкул кылдаттык менен маскировкаланып алды* (Сыдыкбеков).2. *өт.* Кой терисин жамынуу.

**МАСКИРОВКАЛОО** 1. Маска же маскарад кийимин кийгизүү. 2. Билинбес, байкалбас кылуу. *Замбиректерди байкалбас кылып маскировкалоо.* 3. *өт.* Маскировка жасоо, жаап – жашыруу, билмексен болуу.

**МАСКҮНӨМ** *диал.* Уктатуучу, мас кылуу, тынчытуучу дары.

**МАСЛАКАТ** *эск.* Кеңеш, акылдашуу, пикир алышуу. *Бу Муңдуубай малын алмакка маслакат кылды* («Эл адабияты»). *Баатырларды чогултуп Маслакат кылам келгиле* («Эл адабияты»).

**МАСЛЕНИЦА** Славян элдеринде кыштын өтүшүнө арналган майрам.

**МАСОНДОР** XVIII кылымда Англияда пайда болуп, андан кийин жашыруун коом түрүндө Европанын башка өлкөлөрүнө таралган мистикалык үрп-адаты бар диний – философиялык коомдун мүчөлөрү.

**МАСС-МЕДИЯ** Массалык маалымат каражаты (пресса, телекөрсөтүү, радио).

**МАССА** 1. Жуурулган камырга окшогон коюу же суюгураак келген зат, аралашма. 2. Бир нерсенин көптүгү, жыйындысы. 3. Көпчүлүк эл, көпчүлүк. *Аянтка 30 миңден ашык эл массасы жыйылган* («Агым»).

**МАССАЖ** Денени чыныктыруу же косметикалык максаттарда адамдын денесин укалап, ышкылап сүрүү ыгы.

**МАССАЖДА** Массаж жасоо.

**МАССАЖДАТ** **массажда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАССАЖДОО** **массажда** этишинин кыймыл атоочу.

**МАССАЛЫК** 1. Көпчүлүк катышкан, көпчүлүк эл катышкан. *Жумушчулардын массалык кыймылы.* 2. Көп санда, көп. *Массалык түрдө өндүрүү.*

**МАССАЛЫК АДАБИЯТ** *адаб.* 1. Адабияттагы өзгөчө мыкты көрүнүш катары бөлүнүп чыкпаган жалпы көчтүн арасындагы, көптүн арасындагы чыгармалар. 2. Эл арасына кеңири тараган, көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жогору эмес, негизинен көркөм табити анчалык өнүкпөгөн окурмандарга ылайыкталган, окууга жеңил, бирок окурманды ойго салбаган чыгармалар.

**МАССИВ** 1. Тоо тутуму, тоо тулкусу. 2. Географиялык тиби жагынын окшош кең мейкиндик. *Токой массивдери.*

**МАССОВКА** 1. Митинг, чогулуш же кандайдыр бир иш чараларды өткөрүү үчүн эл массаларынын чогулуусу. 2. Кинодогу, спектаклдеги көпчүлүк. *Массовканы түзүү.*

**МАСТАВА** Эт тууралган күрүч сорпо, ага катык кошуп ичет.

**МАСТАН** 1. Элдик жомоктордо кездешүүчү ашкан митаам, куйту кемпир. *Ошол мастан жез кемпир Айганышты көрдү эми* («Мендирман»). 2. *сүйл.* Ушакчы, сүйлөөк, какчандаган кемпир. *Калдаманын куулукшумдугу ашкандыктан мастан деп аталган экен* (Каралаев).

**МАСТАН КЕМПИР** *к.* **жез кемпир.**

**МАСТЕН** **мастан** менен бирдей.

**МАСТЕР** 1. Кандайдыр бир өнөрдүн, кесиптин адиси, тажрыйбалуу жумушчу. 2. Чеберчилиги, билгичтиги менен өзүнүн ишинде чоң жетишкендиктерге жеткен адам кандайдыр бир ишке чебер, эпчил адам, устат. 3. Цехке, сменага ж.б. административдик жана техникалык жагынан жетекчилик кылуучу адам. *Сменалык мастер.* 4. Көрүнүктүү спортсмендерге, шахматисттерге берилүүчү наам жана ушундай наамы бар адам. *Спорттун мастери. Шахмат боюнча эл аралык мастер.*

**МАСТЕРСКАЯ** 1. Кандайдыр бир буюмдарды жасап чыгаруу же ремонт кылуу жумуштарын жүргүзүүчү ишкана жана ушундай ишкана жайгашкан жай, үй, *Кийим тигүү мастерскаясы.* 2. Негизинен ремонт иштерин жүргүзүүчү өнөр жай ишканасы. *Темир жол мастерскаясы.* 3. Заводдун же цехтин бөлүгү. 4. Художниктердин, скульпторлордун иштей турган жайы, өзүнчө үйү.

**МАСТЕРСКОЙ** **мастерская** менен бирдей.

**МАСТИТ** *а.ч.* Суук тийүүнүн натыйжасында пайда болгон эмчек оорусу.

**МАСТЫК** 1. Мас болгондук, мас болгон кишинин абалы. *Жылуу-Булактын оюнда өңчөй зөөкүрлөр бозо ичип отуруп, мастыктан чатак чыгат* (Элебаев). 2. Көпкөндүк.

**МАСЧЫЛЫК** **мастык** менен бирдей.

**МАСШТАБ** 1. Узундук өлчөмүнүн чыныгы чоңдугунун планда, картада ж.б. кичирейтип алынган чени, катышы. *100 километр бир сантиметр масштабы менен алынган карта.* 2. *өт.* Арым, чоңдук өлчөмү, өз кучагына алгандык. *Кеңири масштабдагы иштер. Областтык масштабдагы кызматкер.*

**МАСЫК** Дин эрежесинде: даарат алып бүткөндөн кийин, маасынын үстүнөн манжаларды суулап, из түшүрүп коюу. Бут жуулду деген ырым.

**МАТ** 1. Шахмат ойнунда королдун коргонуу мүмкүндүгү бүткөн, уттуруу абалы. *Мат жарыялоо. Мат болуу.* 2. *сүйл.* **Утулуу, жеңилүү.** *Адатынча кыйкыра баштаганда начальниктин колу коюлган приказды акырын столуна таштап койдум. Мат болуп отуруп калды* («Чалкан»). *Ошентип, ал ветврачты мат кылган экен* («Кыргызстан маданияты»).

**МАТА I** 1. Жалпы эле кездеме. 2. Кебезден өрмөктө согулган кездеме. *Матаны кием түрлөнтүп, Бачайы көйнөк кийгендей* (Тоголок Молдо). *Чалдын үстүнө кийгени мата көйнөк* (Жантөшев). *Мата, чепкен, кара чай, Түрдүү жибек жана бар* («Эл адабияты»). *Мата сатып шай кылган, Таш, таш салып жай кылган* («Калмырза»).

**МАТА II** 1. Матоо менен ийүү, ныгыра басып ийүү, кыйшайта катуу кере тартуу, керектүү формага келтирип ийүү. *Ууктуматады. Керегени матады. 2.* Жылбас кылып байлоо, кере-кере тартып кыймылдагыс кылып байлоо, кабыра байлоо. *Асантайлар Асекти жигиттери менен матап алышат* (Сыдыкбеков). 3. Башка жакка өтүп кеткис кылып туюкка тосуу, туюкка такап камалган абалда кармоо. *Он алты айры куу бугу отуздай маралды матап турган экен* (Жантөшев). 4. Кекетүү, жекирүү, кекээр сөз айтуу. *Эмитен сезин алып коёюн дедиби, Көкө түсүн үйрүп, кыр көрсөтө минтип матады* (Касымбеков).

**МАТАДОР** Италияда бука менен күрө-шүү оюнунун негизги катышуучусу.

**МАТАЛ** **мата** этишинин өздүк мамилеси.

**МАТАТ** Кайрымдуулук, жардам тилөө. *Эстебей мени жүргөн күндөрүңдө сыйындым матат бер деп пирлериме* («Эл адабияты»).

**МАТАТ** **мата** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАТАШ** **мата** этишинин кош мамилеси.

**МАТБУГА** *эск.* Басмакана, типография.

**МАТБУГАТ** Басылып чыккан китеп, журнал сыяктуулар. *Мына азыр өкумат, Ачты бизге матбугат. Мектеп ачып ар элге Берди илим, таглимат* (Тагай уулу).

**МАТЕМАТИК** Математика боюнча адис.

**МАТЕМАТИКА** Чоңдуктарды, сандардын катышын, мейкиндик формаларын үйрөнүүчү илимдердин жыйындысы (арифметика, алгебра, геометрия, тригонометрия ж. б.).

**МАТЕРИАЛ** 1. Кандайдыр бир максатта колдонуу үчүн керек болгон нерсе, зат, сырьё. *Курулуш материалдары. Техникалык материалдар.* 2. Кездеме, материя. *Костюмдук материал. Пальтолук материал.* 3. Кандайдыр бир ишке, чыгармага же бир нерсени далилдөө үчүн негиз болуучу, ошого пайдаланылуучу маалыматтар. *Доклад жасоо үчүн топтолгон материалдар. Тергөө ишинин материалдары.*

**МАТЕРИАЛДУУ** Аң-сезимге көз каранды болбогон, заттык, физикалык, нерселик касиетке тиешелүү өзгөчөлүккө ээ. *Материалдуу дүйнө.*

**МАТЕРИАЛДУУЛУК** Аң-сезимге көз каранды болбогон затка, нерсеге таандык касиет, өзгөчөлүк. *Дүйнөнүн материалдуулугу анын өзүндө.*

**МАТЕРИАЛДЫК** **материал** дегенге таандык. *Аялдар өлкөбүздүн материалдык байлыгын түзүүдө кайраткерлик менен иштеп жатышат* («Жаш ленинчи»). *Кийинки жылдарда айыл жеринин материалдык – тех-никалык базасын чыңдоо ишине олуттуу көңүл бурулууда* («Кыргыз Туусу»).

**МАТЕРИАЛИЗМ** Идеализмдин илимге карама-каршы келген жоболорун төгүнгө чыгарган, духсуз эле материя, жаратылыш, объективдүү реалдуулук эң биринчи пайда болгондугун, объективдүү дүйнө аң-сезимге, ойлоого көз каранды эмес, өзүнчө жашай тургандыгын, дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүктөрүн таанып-билүү мүмкүндүгүн далилдеген илимий философиялык багыт. *Тарыхый материализм. Диалектикалык материализм.*

**МАТЕРИАЛИСТ** Философиялык материализмдин жолун жолдоочу киши.

**МАТЕРИАЛИСТТИК** Материализмге негизделген, материализм принциптерине ылайык келүүчү. *Жаратылыштын кубулуштарын материалисттик түшүнүү. Коомдук турмуштун көрүнүштөрүнө материалисттик мамиле кылуу.*

**МАТЕРИАЛЧЫ** **арызчы** менен бирдей.

**МАТЕРИК** Жер шарындагы океандар жана деңиздер менен курчалып турган эң зор кургактык, континент. *Африка материги.*

**МАТЕРИЯ** 1. *филос.* Кишинин аң-сезиминен тышкары жана ага көз каранды болбогон объективдүү реалдуулук. 2. Физикалык телолорду түзгөн *Материянын түзүлүшү. Материянын сакталуу закону.* 3. Кездеме, материал. *Пахтадан жасалган материя.*

**МАТКЕ I** *сүйл.* Үйдүн төбөсүнө коюлуучу тоголок же төрт кырдуу негизги устун.

**МАТКЕ II** *сүйл.* Аарынын ургаачысы. *Маткеси челектен чыгып учса, бир уя аары аны ээрчип жөнөйт* (Таштемиров).

**МАТОО I** 1. Керege, уuktun ийилген жери. *Керегенин матоосу. Уuktun матоосу.* 2. Кереге, уукту ийүү үчүн ылайыкталган курал. 3. Байлоо. *Өрүш толгон жылкым бар, Матоо толгон төөм бар* («Эр Төштүк»). *Кайратын жыйнап, бармагым, Кабыргага матады* («Эл адабияты»).

**МАТОО II** **мата** этишинин кыймыл атоочу.

**МАТОО III** *аңч.* Мылтыктын стволуна түшкөн так.

**МАТОЧНИК** 1. Бал челекте аарынын маткасы жата турган ячейка. 2. *бот.* Өсүмдүктө пестиктин бир бөлүгү.

**МАТРАС** 1. Жатканда алдыга салуу үчүн ылайыкталган калың шырылган төшөнчү. 2. Ошондой милдет аткарган диван, керебеттин адам жата турган алды пружиналуу торчосу, олпогу.

**МАТРАЦ** **матрас** менен бирдей.

**МАТРИАРХАТ** 1. Алгачкы общиналык түзүлүш өнүгүп жаткандагы мезгил, уруу топтору аял жагынан болгон туугандыкка негизделип түзүлгөн байыркы уруу коомунун стадиясы. 2. *өт.* Ӳй-бүлөдө, коомдук түзүлүштө аял затынын үстөмдүгү.

**МАТРИЦА** 1. Ар түрдүү буюмдарды чыгарууда колдонулуучу форма, калып, уя. 2. *полигр.* Терилген тексттин калың кагазга чуңкурайта тескери басылган көчүрмөсү. *Китепти матрицадан басуу.*

**МАТРИЦАЛОО** Бир нерсени штамптоо үчүн анын калыбын түшүрүү.

**МАТРОС** Командалык составга кирбеген катардагы моряк жана да граждандык флотто кеме командасында кызмат кылуучу адам.

**МАТРОСКА** 1. Матростун жазы кайырма жакалуу көйнөгү. 2. Аялдардын жана балдардын ушундай формада тигилген көйнөгү. 3. Балдардын матрос шапкасына окшош баш кийими.

**МАТЧ** Шахмат ойнунда же спорттун башка бир түрү боюнча эки тараптын же эки команданын мелдеши.

**МАТЫР** Суюк нерсеге салуу, чөгөрүү, чөмүлтүү, терең малуу. *Кычан чөгөлөй жонун дүгдүйтүп, кулагына дейре матырып башын сууга малды* (Бейшеналиев). *Дмитрий чыңалган калакты тепшидеги сууга матырды* (Сыдыкбеков).

**МАТЫРАЙ** Жашынакай, татынакай.

**МАТЫРТ** **матыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАТЫРУУ** **матыр** этишинин кыймыл атоочу.

**МАУЗЕР** Автоматтык пистолеттин бир түрү. *Кабынан маузерин сууруп алып үч-төрт атып жиберди* («Ала-Тоо»).

**МАУХПУЗ** *эск.* Кудайдын ыйык китеби, буйругу. *Силкинди уккан адам жалгыз кыздан, Не иш болсо маухпузда кудай жазган* («Эл адабияты»).

**МАФИЯ** XVIII к. Италиянын Сицилия аралында пайда болгон террордук уюм. 2. Опузалоо, зордуктоо, террор, киши өлтүрүү жолдору менен киреше тапкан (башкаруу чөйрөсүндө байланышы бар) уюшулган кыл- мышкерлердин тобу.

**МАХАБАТ** Ашыктык, сүйүү, сүйүү сезими. *Зыйнатка кайрат берген Байтерек экөөнүн ортосундагы жалындуу махабат менен анты эмеспи* (Токомбаев).

**МАХОРКА** Тамеки өсүмдүгүнүн сабагынан жана жалбырагынан майдаланып жасалган төмөнкү сорттогу тамеки. *Махоркадан чылым ороп алып, Дмитрий: – Да! – деди адетинче* (Сыдыкбеков). *Чаке ! – деди Акия, макоркең болсо ортого кой эми...* (Сыдыкбеков).

**МАХТАЛ** 1. Мактоо, даңктоо. 2. Атакдаңкын чыгаруу. *Жаратканга жан берип сыйынуу менен ага арналган ыйык махтал ырларын бу музыка жөн гана коштоп турбайт* (Станалиев).

**МАХШАР** Дин ишениминде: тиги дүнүйөдөгү чоң сурак боло турган аянт. *Эки дүнүйөден тең жакшылык көрбөй, махшармайдан күнүндө да тозоктон калган батчагарлар* (Жантөшев).

**МАЧТА** 1. Кемеде парус бекитилүүчү мамы. *Пароходдун так мачтасына чейин агарып муз тоңуптур* (Баялинов). 2. *тех.* Ар кандай максаттарда колдонулуучу бийик мамы.

**МАШ I** Бирдей өңдүү карталардын чоңу менен кичинесин басууга туура келген карта оюнундагы мүмкүнчүлүк, шарт. *Ачага маш тийип, басып чыгып кетти.*

**МАШ II** 1. Кандайдыр бир нерсени иштөөгө көнүгүп калган, машыккан; кыймыл-аракети тез, эптүү, эпчил. *Оймоктуу катын ишке маш* (макал). 2. Белгилүү, дайын, шамдагай. *Сөздү машына келтирип айтты. Шыңга-Кечүү, Таш-Кечүү, Алмамбет билген маш кечүү* («Манас»).

**МАША I** 1. Эски мылтыктын кууга от коюучу, от алдыруучу тетиги. *Машаны ирмедим. Машага от коюу. Машаны ирмеп салышты* («Манас» С.О.). 2. Атылуучу куралдарда атуу үчүн сөөмөйү менен басып жиберүүчү тетиги.

**МАША II** Чаккан жери ачышып ооруган ичке денелүү чиркейдин бир түрү. *Машанын мурду батпаган, Чиркейдин мурду өтпөгөн* («Манас»).

**МАШАА КОЮП АТУУ** *аңч.* Удаа, удаа ок атуу, чыгаруу.

**МАШАА** **маша I** менен бирдей.

**МАШААЛАШЫП АТУУ** *аңч.* Бир нече киши бир убакытта ок чыгаруу.

**МАШАЙЫК** 1. Кадырлуу карыя. 2. Уруу башчысы. 3. Дервиштердин башчысы. 4. Мусулмандардын дин башчысынын ардактуу наамы. *Жарыктык, машайык эле. Жаны жаннатта болсун* (Баялинов). 5. Диний түшүнүк боюнча: кудай сүйгөн олуя, баарын билген, көзү ачык. *Аты кызыр, машайык, Ал ооздуктан алыптыр* («Сейтек»). 6. *өт.* Эң мыктысы, эң кыйыны.

**МАШАК** Буудай, арпа сыяктуу өсүмдүктөрдүн сабагына улай кеткен башы, орупжыйнап алгандан кийинки аңызда калган эгиндин башы. *Биз анда машак терип балдарды бакканбыз* (Айтматов).

**МАШАКАНА** Чиркейден сактанып ичине кирип жатуучу кездемеден жасалган туюк көшөгө. *Чиркейден сактанып, машakананын ичине кирип жаттым.*

**МАШАКАТ** Убарачылык, түйшүк, азап, кыйноо. *Кыз узатуунун толгон машакаты кедей ата-энеге оор экени Батийнага белгилүү* (Сыдыкбеков). *Караңгыда калың токой арасынан жүрүү айтып бүтүргүс машакат* (Жантөшев). *Башка түшкөн машакат, Барган сайын арбыган* («Казыбек»).

**МАШАКАТСЫЗ** Убаракерчилиги жок, убарасыз, түйшүксүз.

**МАШАКАТТАН** Кур бекер убаралануу, түйшүк тартуу, азап тартуу.

**МАШАКАТТАНУУ** **машакаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**МАШАКАТТУУ** Убарасы көп, түйшүктүү, азаптуу, машакаты көп. *Бака... балапан жүрөгүн чочутуп таштаган машакаттуу окуяны көз алдына... элестетип азаптана берди* (Бейшеналиев).

**МАШАКТА** Эгиндин башын колго чогултуу, терүү, жыйноо.

**МАШАКТАТ** **машакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАШАКТОО** **машакта** этишинин кыймыл атоочу.

**МАШАНАКА** Чиркейден коргоно турган туюк чатыр.

**МАШАР** *туурасы:* **махшар.** О дүнүйөдөгү чоң сурак боло турган аянт. *Шапагат машар күндө бизге кыл деп, Келейин тобо кылып баскан изин* («Эл адабияты»).

**МАШАТЫ** 1. Ирандын Мешхед деген шаарында чыгарылган килем. 2. *өт.* Кулпурган, кубулуп турган. *Каникей кылган сонунун: Машаты килем салдырып, Барча, буулум, дүрүйө, Мамыктан жаздык алдырып* («Манас»). *Аттын барын айдатып, Ат чабуучу балдарын, Арчындап*

*жоолук байлатып, Куйругун жерге шүйдүрүп, Балдарынын барына Машаты күрмө кийдирип* («Манас»).

**МАШАЯК машайык** менен бирдей.

**МАШБАЛДАК АТУУ** Жан-дили менен кызмат кылуу, өлөр-тирилерине карабай катуу аракеттенүү. *Эчтеке менен иши жок, буга көбүнчө курсагынын тойгону гана эсеп, өз чарбасында машбалдак атып аракеттенет* (Борбиев).

**МАШИНА** 1. Энергияны бир түрдөн экинчи бир түргө айландыруу жолу менен кандайдыр бир иш, жумуш аткарган механизм же механизмдердин жыйындысы. *Буу машинасы. Айыл чарба машиналары. Кийим тигүүчү машина.* 2. Кандайдыр бир механизмдин жардамы менен кыймылга келүүчү транспорт каражаты (көбүнчө автомобиль жөнүндө). *Жүк ташуучу машина. Жеңил машина. Араң эле кыбырайт, Машинабыз өр жерде* (Жунушев).

**МАШИНАЛАШТЫР** Машинанын, механизмдин күчү аркылуу ар кандай ишти, жумушту иштетүү, кыймылга келтирүү; ишке, жумушка машинаны, механизмдерди көбүрөөк колдонуу.

**МАШИНАЛАШТЫРУУ машиналаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**МАШИНИСТ** 1. Машинаны башкарган адам. *Экскаватордун машинисти. Эй, машинист! Айда тынбай, Айда тынбай, аркырат!* (Элебаев). 2. Локомотивди башкарган темир жолчу.

**МАШИНИСТКА** Жазуу машинкасында иштөөчү аял. *Апам машинистка, редакцияда иштейт* (Абдыраманов).

**МАШИНКА** Кандайдыр бир жумушту аткаруу үчүн колдонула турган прибор. *Жазуу машинкасы. Чач алуучу машинка.*

**МАШКЕ** Канаттууларды жытынан табуучу аңчылыкка пайдаланылуучу ит. *Ээрчиткенибиз Апек аттуу машке* (Каимов).

**МАШКУЛ** *диал.* Иш менен колу бошобогон.

**МАШУР** *диал.* Белгилүү, аты чыккан, даңкы таш жарган. *Элге машур белгилүү, Акын уулум, Жаныбек* (Барпы).

**МАШТА** 1. Үйрөтүү, такшалтуу, маш кылуу. *Үлгү берип маштадың, Өспүрүм, келинкыздарды* (Осмонкул). 2. Айтар сөзүн даярдоо, камдоо. *Чачылба бекер баатыр – деп, Айтарга сөзүн маштады* («Эр Табылды»).

**МАШТАЙ** Сууга чыланган маш буурчактын кабыгы ачылып, даны бадырайып көрүнгөн сыяктуу, көздүн бадырая ачылышы. *Көзүңдү маштай ачамын, Каныңды суудай чачамын* («Семетей»).

**МАШТАШ** Биргелешип иштөө.

**МАШТОО машта** этишинин кыймыл атоочу.

**МАШЫГУУ машык** этишинин кыймыл атоочу.

**МАШЫК I** Маш болгондук, көнүккөндүк, такшалгандык.

**МАШЫК II** Үйрөнүп, көнүгүп калуу, такшалуу, маш болуу. *Кичинемден бардык ишке машыктым* (Осмонкул).

**МАШЫКТЫР машык** этишинин аркылуу мамилеси.

**МАШЫРКА** *туурасы:* **маашырка.** *Машыркап таттуу кыялга батып.*

**МАШЫРКОО** Ыраазы болуу, канааттануу, тандануу, машыр болуу.

**МАШЫРЫК** Чыгыш, күн чыгыш (1920-жылдары колдонулган термин). *Саади бүт чыгыш элдерин жыйырма жылдан ашык жөө, жылаңайлак басып, кыдырып жүргөн. Магрибинде да, Маш ригинде да болгон* (Абдыраманов).

**МАЭСТРО** Композитордун, оркестрдин дирижёрунун, чебер музыканттын сыйлуу аталышы; шахматтын мыкты чеберин да ушинтип атап коюшат.

**МАЮТ** Өлүм, өлүү.

**МАЯ** *а.ч.* Эгинди оруп-жыйнагандан кийин, анын сабагынын аңызда калган бөлүгү. *Колумду далай маяга кестиргемин.*

**МАЯК** 1. Жаркырап күйүп кемелерге жол көрсөтүп туруучу мунара. *Маяк болуп кылааңа, Күйгүм келет Ысык-Көл* (Токомбаев). 2. *өт.* Жол көрсөтүүчү, өрнөк болгон, үлгү болгон адам. *Бүт дүйнөгө эрктин жолун көрсөтүп, Бардык жерге маяк болуп каратат* (Токомбаев).

**МАЯН** Жел маян, төө.

**МАЯНА** Эмгек акы, жалуун, жалыйна. *Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары тарабынан кабыл алынган токтому боюнча актерлорубуздун айлык маяналары көтөрүлдү* («Кыргыз Туусу»). *Өзүңөр билесиңер, маянабыз бир кап унга жетпейт* («Супер инфо»). *Өкмөт мага маяна төлөйт.*

**МАЯТНИК** 1. Салаңдатып асылган теңселме таякча. 2. Саат механизмин кыймылга келтирүүчү саат ичиндеги дөңгөлөкчөсү.

**МЕ** 1. Бирөөгө бир нерсени берүүдө «мына, ал» деген сыяктуу маанини билдирүүчү сөз. *Өзүң эмгек кылбасаң бирөө сага «ме» деп бекер оокат бермек беле.* 2. Итти, чакырганда, тамак бергенде айтылат. *«Ме. Балтек, ме!»*

**МЕБЕЛЬ** Эмерек, шкаф, стол, стул, диван сыяктуу үй буюмдары. *Үчөөнүн көзү жаңы мебелдерге тигилүүдө* (Бейшеналиев).

**МЕГА...** Эң эле чоң, өтө ири деген маанини туюнткан татаал сөздүн бөлүгү.

**МЕГАБАЙТ** Компьютердин эске тутуу көлөмүн өлчөөчү бирдик.

**МЕГАВАТТ** Электр кубаттуулугун өлчөөчү бирдик. *Азыркы кезде бизде 3 миң мегаватт кубаттуулуктагы 15 гидроэлектр станциялары иштеп жатат* («Кыргыз Туусу»).

**МЕГАПОЛИС** Миллиондогон калкы бар

ири шаар. Чоң шаар. Майда шаарлардын биригүүсү. *Бир миң жылдан ашык тарыхы, 20 миллиондой калкы бар Каир дүйнөдөгү эң ири мегаполистердин бири* («Кыргыз Туусу»).

**МЕГАФОН** Катуу сүйлөөчү телефон. 2. Ӱнду катуу чыгаруучу рупор. Көбүнчө милиционерлер, агитаторлор ж.б. колдонот.

**МЕГЕЖИН** Ургаачы чочко. *План боюнча Сабыркул ар мегежинден он алтыдан торопой берүүгө тийиш* («Кыргызстан аялдары»).

**МЕГЕРА** 1.

Заардуу, ажаан, тажаал аял.

**МЕГИЛЖИН** *туурасы:* **мегежин.**

**МЕДАЛИСТ** Окуу жайын (мектепти) эң жакшы бүтүргөндүгү, мелдештерде жеңгендиги үчүн медаль алган адам.

**МЕДАЛЬ** Сиңирген бөтөнчө эмгеги же каармандыгы үчүн сыйлык белгиси катарында берилүүчү бетине кандайдыр рельефтик сүрөт салынып, сөз жазылган металлдан жасалган тегерек пластинка; ушундай эле формадагы мектепти артыкчылыгы менен бүтүргөндөргө, конкурстун, мелдештин жеңип чыгуучуларына берилүүчү же белгилүү бир тарыхый датага арналып чыгарылуучу айырмалоо белгиси.

**МЕДАЛЬОН** 1. Ичине кандайдыр бир сүрөт салынган, моюнга тагынып жүрүүгө ылайыкталган сүйрү формадагы зергердик чакан буюм. 2. Сүрөт же жасалгалар үчүн аземдүү сүйрү алкак.

**МЕДЕР** 1. Таяныч, бел кылган жөлөк, үмүт. *Тынч күндө төрөлдүң, Кагылайын медерим* (Осмонкул). *Жакшы аял эр азаматтын аскар тоодой медери* (Жантөшев). *Медери жок туугандан бек сүйлөшкөн жат жакшы* (макал). 2. *диал.* Самордун буу чыга турган тешикчесин жаап коё турган жапкычы. *Эки ийнинде медери бар, үстүндөгү калканы куп жарашкан.*

**МЕДЕР ТУТУУ** Ишенүү, жөлөк катары саноо, бел тутуу. *Балдарын медер туткан топуктуудай* (Бейшеналиев). *Көпчүлүк Култашырдын сөзүн медер тутуп ынанды* (Абакиров). *Эжесинин боорум деп жалгыз медер туткан ишеничи Төлөмүш болчу* (Бердикеев).

**МЕДЕРЛЕШ** 1. Бири бирине жардам берүүчү адамдар. 2. Эки жактан тең болгон колдоочулук.

**МЕДЕТ I** Жөлөк, таяныч, жардам, колдоо. *Аасы жапы үмөткө, Медет болгон Мукамбет* («Манас» С.О.). *Качып калган калың кыргыз журтуна, Бир жараткан өзү медет этсе экен* (Турусбеков).

**МЕДЕТ II** *диал.* Бийик тоого өсүүчү дары чөптүн аты. *Медет-седет деген дары чөптү көрдүң беле, жеңеке?*

**МЕДЖИЛИС** Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө (Түркияда, Иранда) парламенттик же анын палаталарынын биринин аталашы.

**МЕДИК** Медициналык билими бар адис. *«Москвадан поезд менен келген бир жараныбызда жогорку оорунун айрым белгилери байкалгандыктан өзүнчө кармалып, медиктер анын анализин текшерүүдө», – деди башкы санитардык врач* («Кыргыз Туусу»).

**МЕДИКАМЕНТ** Дары-дармек, дарылоо каражаттары. *Дарылоо мекемелери эң жаңы медициналык жасалгаларды, медикаменттерди алды.*

**МЕДИО** *экон.* Айдын ортосуна (15-күнгө) туура келүүчү биржалык соода-бүтүмдүн аткарылуучу мөөнөтү.

**МЕДИРЕСЕ** Жогорку диндик окуу жайы. *Медиресе жык толот* («Манас» С.О.). *Медиресе мечитти Бекем кылып салдырды* («Манас» С.О.).

**МЕДИРЕСЕ** **медресе** менен бирдей.

**МЕДИТАТИВДИК ЛИРИКА** *адаб.* Турмуштун бул же тигил маселелери боюнча акындын ой жүгүртүүсүн билдирген, ой жүгүртүү формасында жазылган лирикалык жанр. *Адамдар төрөлөт түндөрдө, Адамдар көбөйөт түндөрдө, Адамдар сүйүшөт түндөрдө, Адамдар өлүшөт түндөрдө, Түн – чоң сыр, Түн – дүлөй турмуш, өз баласын жутуп жана тынымсыз кайра ордуна төрөп жаткан мезгилдей* (С.Тургунбаев).

**МЕДИТАЦИЯ** Ойлонуу, ой жүгүртүү. Адамдын психикасын өтө терең бир жерге топтогон абалга алып келүүгө багытталган акыл аракети.

**МЕДИЦИНА** Оорулар, аларды дарылоо жана алдын ала эскертүү жөнүндөгү илимдин жыйындысы.

**МЕДИЦИНАЛЫК** Медицинага таандык. *Медициналык комиссия. Акысыз медициналык жардам. Медициналык пункт.*

**МЕДӨӨ** Үмүт, колдоо. *Мен сени медөө кылдым.*

**МЕДПУНКТ** Медициналык жардам көрсөтүүчү чакан жай. *Жаңы отургузулган бак-дарактардын ортосундагы там медпунк болуп чыкты* («Ден соолук»).

**МЕДСЕСТРА** Медициналык орто билимге ээ адис, доктурлардын жардамчылары. *Каныбек медсестра Наташа менен бирге аскерлердин тазалыгын карап жүрдү* (Жантөшев). *Врачтардын, медсестралардын жана кичи мед кызматкерлердин орточо айлык акысы 3 эседен ашык өскөн* («Кыргыз Туусу»).

**МЕДУЗА** *зоол.* Килкилдеген тунук денелүү, мурутчалары бар, коңгуроо же кол чатыр сыяктуу деңиз жаныбары. *Кээ бир медузалардын сайгыч клеткалары денеге тийсе, күйгүзөт.*

**МЕЗГИЛ** Белгилүү бир убакыт; учур, маал. *Мезгил өткөн сайын чоң эненин санаасы алда нече бөлүнду* (Сыдыкбеков). *Эртең жайлоого көчөбүз деп турган мезгил*

(Абдумомунов). *Ата-журттун ар мезгили эң кымбат, кыйып таштап кете албаймын силердей* (Султанов). **Мезгил-мезгили менен.** Кээде, кезек-кезек.

**МЕЗГИЛ ЫРЛАРЫ** *к.* **календардык поэзия.**

**МЕЗГИЛДҮҮ** Мезгил-мезгили менен болуучу же чыгуучу, белгилүү бир учурга туура келген. *Мезгилдүү жумуш.*

**МЕЗГИЛДҮҮ БАСЫЛМА** Мезгил-мезгили менен басылып чыгуучу журнал, жыйнак, гезиттер.

**МЕЗГИЛСИЗ** 1. Болжолдуу мезгилден мурда, өз убагына жете электе. *Аттиң ай, Алымкулдун атасынын мезгилсиз кеткени жигиттин белин майыштырып турбайбы* (Абдукаримов). *Дүйнөдөн мезгилсиз кайтты.* 2. Шарт жок кезде беймаал убакта. *Мезгилсиз келип калыптырмын ээ? Алыс эмес короодон мезгилсиз кыйкырган короздун үнү чыгат* (Жантөшев).

**МЕЙИЗ** Жүзүмдүн кургатылган мөмөсү. *Ханга жаңгакты коюп, мейиз алып барыңыз* («Жомоктор»). *Куржундун бир көзүнөн эки кагаз чай, бир канча өрүк, мейиз, кант чыкты* («Советтик Кыргызстан»). *Кемпирлериң жешине, Мейиз жүктөп келгенмин* («Калмырза»).

**МЕЙИЛ КАДЫР ИШИ** Каалоосу, өз эрки, ар кимдин өз ыктыяры. *Адамкерчилик кылсаңар жардам бергиле, мейил кадыр иши* (Бердикеев). *Эч кимди зордоо жок, жөн гана мейилкадыр иши* (Бердикеев).

**МЕЙИЛ пейил** менен бирдей.

**МЕЙИР** Сүйүү, жактыруу.

**МЕЙИРИМ** Сүйүү, жакшы көрүү. *Балага мейирими жок суз неме.*

**МЕЙИТ** Өлүк, сөөк. *Батага көтөргөн алаканы бетин сылай бергенде: Мейит болгон Осмонго атаган талкан өзүнө тийсин, сообу мага тийсин аллоо акбар! Эми мага ыраазы болгула* (Токомбаев).

**МЕЙКИН** 1. Кенири, мелтиреген, жайык. *Мекеним –көз жетпеген мейкин түздөр* (Маликов). *Шаңданды шайыр элибиз, Гүлдөдү мейкин жерибиз* (Сасыкбаев). 2. Мейкиндик.

**МЕЙКИНДИК** Кең, жайык жер. *Жайнаган жашыл мейкиндик, Койнунда биз да желпиндик* (Бөкөнбаев).

**МЕЙЛИ** Макул болгондукту, каршы эместикти билдирүү үчүн колдонулат. – *Э, мейли, баатыр. Аты ким болсо, а болсун, анын элге келтирген пайдасын айтыңызчы* (Сыдыкбеков). *Ырдай гой, мейли, Макишти уялтам десеңиз, орусча ырдап жибериңиз* (Сыдыкбеков). *Тыйын-чычкан, таш бака, тыгылса мейли батышка* (Жунушев).

**МЕЙМАН КААДАСЫН КЫЛУУ** Жатар алдында сыртка чыгып, бир аз сейилдеп келүү (бул көбүнчө келген конокко төшөк салардан мурда айтылат). *Азыр колу, бутту чоюп, сыртка мейман каадасын кылалы* (Бейшеналиев). **В.: Конок каадасы кылуу.** *Биз конок каадасы кылып, сыртта бир аз кобурашып, ары-бери басып жүрдүк* («Ала-Тоо»).

**МЕЙМАН** Конок, сый көрүүчү адам. *Аттан түш. Мейман болуп кет* (Каимов). *Меймандарга кымыз куя баштышты* (Токомбаев). *Келипсиң казак, кыргыз жерин басып, Мейманым, тосуп алдым койнумду ачып* (Ибраев). *Мейманга аш кой, эки колун бош кой* (макал).

**МЕЙМАНДА** Конок кылып сыйлоо. *Баарын сүйлө, чоң атаңа меймандап, Болгар, чехтин дыйкандары жатканын* (Токомбаев). *Жолдош Исаевди ушул мейманканада бир ай мейманаса эмне болор эле?* («Чалкан»).

**МЕЙМАНДОО мейманда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕЙМАНДОС** Мейман күтүүнү, сый көрсөтүүнү жакшы көргөн, сыйчыл. *Балдар кыргыздын мейманос салтын айтып жатышты* (Бейшеналиев). *Меймандос адамдар.*

**МЕЙМАНДОСТУК** Мейман күтүүнү, сый көрсөтүүнү жакшы көргөндүк, сыйлоочулук. *Белек өзүнүн мейманостугун көрсөтүүдө* (Убукеев). *Алайдын кыргыздары көрсөткөндөй мейманостукту эч качан унутпайм* (Абдукаримов). *Биздин да достугубуз жашай берсин, Эки элдин мейманостук салты менен* (Ибраев).

**МЕЙМАНКАНА** Жолоочулар конуп кетүү үчүн арналган үй, жай.

**МЕЙМАНЧЫЛ мейманос** менен бирдей.

**МЕЙМАНЧЫЛЫК** *диал.* Үйгө мейман келгенде ага карата коңшу-колоңдор ар кыл тамак алып келип, чогуу отуруп, аңгемелешип, сыйлашып убакыт өткөрүү жөрөлгөсү. *Мейманчылык кылып эл келет.*

**МЕЙНЕТ мээнэт** менен бирдей.

**МЕЙНЕТИҢДИ АЛАЙЫН** *к.* **мээнетиңди алайын.**

**МЕЙНЕТКЕЧ** *диал.* Эмгекчил, эмгекти сүйгөн. *Мейнеткеч кишинин жүзү жарык.*

**МЕЙРИМДҮҮ мээримдүү** менен бирдей.

**МЕКЕ I** Жазында, жайында чала сууган жылкынын моюнунун кээ бир жеринен чыгып туруучу кан. 2. *диал.* Жүгөрү. *Меке, беде айдады* (Барпы). *Бир күнү кыз меке кайтарды* («Эл адабияты»).

**МЕКЕ II** Куу, амалдуу. *Торгой чал ээгинде эки тал сакалы жок, чүрүшкөн, кол башындай чал болчу. Өзү меке чал болсо, башындагы саңсаң тебетейи көмкөргөн казан кебетеленип калар эле* (Айтматов).

**МЕКЕМЕ** Белгилүү штаттагы кызматкерлери, администрациясы бар соода, айыл чарба ж.б. тармактарын башкарган уюм. *Мамлекеттик мекеме. Илимий мекеме.*

**МЕКЕН** Туулуп-өскөн жер, жашап турган, турук алган жер. *Мекеним үчүн талыкпай кызмат кыламын* (Сасыкбаев). *Ме-*

*кени үчүн тынымсыз, Ак иштөөгө тилеги* (Осмонкул). *Четинди мекен этип карашакылдак сайрап отурат* (Жантөшев). *Сагындым Ала-Тоону, тууган элди, Атаэнем мекен кылган ыйык жерди* (Абдыраманов). *Туран биздин түпкү ата-журтубуз. Туран биздин мекенибиз түбөлүк* (Байас). *Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл* (макал).

**МЕКЕНДЕ** Турук алуу, жашоо, байыр алып туруу. *Мекендеп кыштак түшкөн болучу* (Сыдыкбеков). *Бул жерди эмгекчи эл мекендеген* (Осмонкул).

**МЕКЕНДЕТ мекенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕКЕНДЕШ** Мекени бир, бир мекенде, бир өлкөдө жашаган, жердеш. *Мекендештердин мамилеси күндөн күнгө ныгайды* (Жантөшев). *Казак эли–мекендешим, ырдашым, Казак эли–түбөлүккө сырдашым!* (Токомбаев).

**МЕКЕНДИК** Ата мекендик.

**МЕКЕНДӨӨ мекенде** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕКЕНЧИЛ** Өзүнүн мекенине берилген, анын таламдарына кызмат кылган, ата журтунун тагдыры үчүн күйгөн, мекенчилдик менен шыктанган адам.

**МЕКЕНЧИЛДИК** Өз ата мекенине, өз элине берилгендик, аларды чексиз сүйүү жана өз эл, жери үчүн ар кандай эрдикке жана курмандыктарга даяр тургандык.

**МЕКЕР I** 1. Амал-айла, сыйкыр. *Мен ортого турайын, Мекерин билем булардын* («Манас» С.О.). *Эмчи, домчу, күзгүчү, Сууну бүрккөн дарымчы Мекер билет экен деп, Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо). 2. Жүк, оорчулук. 3. *өт.* Ою бузук, ишенимден кеткен.

**МЕКЕРИ** Элдик медицинада колдонулган дары чөптүн бир түрү. *Тогуз төбө, мекери, Ажырык, ак чөп, бетеге, Балтыркан менен кымыздык, Даамдуу чөптү жедирдим* (Тоголок Молдо).

**МЕКИР** Далысы ичин карай ийилген, бүкүрөйгөн.

**МЕКИРЕЙ** Аябай ийилчек.

**МЕКИРЕН** 1. Оозун чала ачып көмөкөйдөн күңүрт, ачык эмес дабыш, үн чыгаруу (кой жөнүндө). *Ак кой мекиренип, козуларын шапылдатып жалай баштады* (Жантөшев). 2. Күлүп жаткан сыяктуу ичтен дабыш чыгаруу. *Мырза мекиренип жесирдин сырын тартуунун аракетинде* (Бектенов).

**МЕКИРЕНҮҮ мекирен** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕКИРИК** Мусулмандардын шарыятында: иштөөгө анчалык уруксат кылынбаган жобо. *Оозго келген какырык Жутуп ийсе – мекирик.*

**МЕКИЯН** Тооктун жана тоок тукумуна кирүүчү канаттуулардын ургаачысы. *Чаар мекиян чый-пыйы чыгып саманды беш-алты тегеренип жүгүрдү* («САЖИ»). *Павлиндин мекияны чүрпөсүн жасап жүрөт* (Токомбаев).

**МЕККЕ** Сауд Аравиясындагы мусулмандардын ыйык шаарынын аталышы. *Жыл сайын Меккеге 10 миллионго жакын кишилер келип кетет. Ар бир зыяратчы Меккеге барганда ыйык замзам суусунан даам татып, үйүнө да ала келээри белгилүү* («Кыргыз Туусу»).

**МЕККАТУЛЛА** Алланын үйү, ыйык жай. *Анан өлкөнү, ордону колуңа өткөрүп берип, мен акыретимдин камын көздөйүн, Меккатуллага зыяратка кетем* (Касымбеков).

**МЕКСИКАЛЫКТАР** Мексиканын калкы.

**МЕКТЕП** 1. Жаш жеткинчектерге билим жана тарбия берүү ишин жүргүзүүчү окуу-тарбия мекемеси. *Башталгыч мектеп. Орто мектеп.* 2. Белгилүү адистерди даярдап чыгаруучу окуу жайы. *Трактористтердин мектеби. Музыкалык мектеп.* 3. Башынан өткөргөн окуя, тажрыйба. *Турмуш мектеби.* 4. Илимдин, искусствонун, адабияттын ж. б. коомдук аң-сезимдин бир формасындагы багыт, агым.

**МЕКТЕП-ИНТЕРНАТ** Өзүнүн алдында жатаканасы бар, жаштарды окутуп билим, тарбия берүүчү окуу жайы.

**МЕКЧЕЙ** 1. Көөдөнү алга жүткүнүп, бели кайкалаган абалда болуу. *«Мен Мыскал апамын» деп таягын бир колу менен таянып, мекчее басып жакындады* (Убукеев). *Азыркы күнү карасам, Белим барат мекчейип* («Манас»). 2. Чоң тойгондо эңкее албай кекирейип калуу. *Чаңкап барган жаным төрт чай чыны кымызды бирден тарттым да, мекчейип олтуруп калдым* («Чалкан»).

**МЕКЧЕЙТ мекчей** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕКЧЕЙҮҮ мекчей** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕКЧИЙ мекчей** менен бирдей.

**МЕЛАНХОЛИК** Айлана-чөйрөнү көңүл коштук менен баамдап, болоор-болбос иш үчүн өтө катуу кайгыруучу адамдар.

**МЕЛАНХОЛИЯ** Бардык психикалык аракеттердин жай жүрүшүнүн жана кыймыл органдарынын тормоздолушунун кесепетинен узак убакытка чейин көңүлү ачылбагандыгы менен мүнөздөлүүчү психикалык оору.

**МЕЛДЕШ** 1. Балбандардын, баатырлардын алдуу-күчтүүлүгүн, аттын күлүктүгүн, ар кандай артыкчылыгын, чеберчилигин ж. б. көрсөтүү максатында мөрөй алуу үчүн, артыкчылыгын билдирүү үчүн болгон сынак, оюн. *Баатырлыктын белгиси, Байгени алат мелдештен* (Осмонкул). *Аттары күлүк, жигити эр, Жарышкан чыккан мелдештен* (Осмонкул). *Мелдеш үч күнгө созулду* (Жантөшев). *Спорттук мелдеш.* 2.

Жүзөгө ашкан же аша элек иштин аныгын билүү же жарышта артыкчылыгын көрсөтүү максатында бир нерсе сайып убадалашуу. *Алдырып ийдим мөрөйдү мелдеше кетип атым чаап* («Эр Төштүк»). *Атын мелдешти.* 3. Ар кандай ишти тез, ылдам бүтүрүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөшүү, демилге көтөрүү, күрөшкө чыгуу. *Кел берилеп, кеңеш эли мелдешет, Машинасын кара алтынга жемдешет* (Бөкөнбаев). *Кой багуудан экиндүүлүк көргөзөт, Көбөйтүүгө Асан менен мелдешет* (Осмонкул).

**МЕЛДЕШТИР мелдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕЛДЕШҮҮ мелдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕЛЖЕ** Чамалоо, чектөө. *Куру өкүмдүк не пайда, Өз күчүңдү мелжеп ал* («Манас»). *Мелжешкен жарым сен үчүн, Бет алып бастым айлыңды* (Боогачы). *Алдын ала мелжеген жерге жеткенде чоң ташка көчүк басып, айлана-тегерекке ырахаттана көз жүгүртүү* («Ала-Тоо»).

**МЕЛЖИ: асман мелжүү, көк мелжүү** *же* **обо мелжүү** Аябай бийик көрүнүү.

**МЕЛИОРАТИВДИК** Мелиорацияга таандык. *Мелиоративдик жумуштар.*

**МЕЛИОРАТОР** Мелиорация жагынан адис.

**МЕЛИОРАЦИЯ** Саздарды кургатуу, көчмө кумдарды токтотуу, сугаруу сыяктуу иштерди жүргүзүү аркылуу жердин асылдуулугун жакшыртуу чараларынын системасы.

**МЕЛИОРАЦИЯЛЫК** Мелиорацияга таандык. *Мелиорациялык чаралар.*

**МЕЛМИЛДЕ** Калкып, мемирегендей абалда болуу, мелт-мелт эткен абалда, же көз жетпеген сыяктуу көрүнүү. *Ыйманкул экөөбүз мелмилдеген көк жайыкты бет алып жүрүп кеттик* (Элебаев). *Айкын асман көмкөрүлгөндөй болуп көк жээк мелмилдейт* (Сасыкбаев).

**МЕЛМИЛДӨӨ мелмилде** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕЛМИРЕ мелмилде** менен бирдей. *Мелмиреген сулуу Нева дарыяга Бүт дүйнөнүн лирикасы баткандай* (Маликов).

**МЕЛОДИКА** 1. Мелодия жөнүндөгү окуу. 2. Ырдын, күүнүн мелодиялык түзүлүшү.

**МЕЛОДИЯ** Белгилүү бир музыкалык бирдикти, обонду түзүүчү жагымдуу үндөрдүн ыраатуулугу. *Ырында эл ырларынын элпек ыргагы, назик мелодиясы бар* («Ала-Тоо»).

**МЕЛОДИЯЛУУ** Уккулуктуу, кулакка жагымдуу.

**МЕЛОДИЯЛЫК мелодияга** таандык.

**МЕЛОДРАМА** 1. Айрым жерлери музыка менен коштолуучу драманын эскирген наамы. 2. Драмалык чыгарманын музыка айкалыша турган бөлүгү. 3. Өтө эле эргигендик, ыгы жок кайгы-капалуулугу менен айырмаланган драмалык чыгарма.

**МЕЛОМАН** Музыканы жан-дили менен ашыкча сүйүүчү, ага ашыкча берилүү.

**МЕЛТ: мелт-мелт** *же* **мелт-калт** Толтура, кырына чейин (суюк нерселер жөнүндө). *Ченемсиз кубатындай өз элинин, Жай толкуп мелт-мелт этет Волга дарыя* (Абдыраманов). *Колундагы кесеге кымызды мелт-калт куйдуруп алып кыз обон созо берди* (Сыдыкбеков).

**МЕЛТЕ** *диал.* Көк жылгаяк. *Көк мелте муз ачылды.*

**МЕЛТЕЙ** 1. Кыймылсыз болуу. 2. **Көк мелтей** Өжөр, көк, өз оюна келгенин бербеген. *Көрбөгөнгө бул кызык, Көк мелтейлер тырмышып, Токтото албас жаңыны Тоодой тоскоол тургузуп* («Чалкан»).

**МЕЛТИЛДЕ** Суюктук мелт-калт өтө толтура болуу. *Өзөндө суулар мелтилдеп, Ыргалат шибер желпилдеп* (Барпы).

**МЕЛТИЛДЕТ мелтилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕЛТИЛДӨӨ мелтилде** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕЛТИРЕ** 1. Мелмилдөө, мелтилдөө, учукыйырсыз көрүнүү. *Мелтиреген түз менен Берендер келет шашылып* («Эр Табылды»). *Көгөрүп көлү мелтиреп, Көңүлгө көп ой келтирет* (Убукеев). 2. Көзүн ирмебей, же көз айырбай, унчукпаган, сөз катпаган абалда болуу. *Токтогулдун тегерек, кичинекей көздөрү жер менен арбашып жаткандай мелтиреди* (Токомбаев). *Кээде кара таштай мелтиреп мүнөз күткөн кыз* (Сыдыкбеков). *Сүрөткө, ырга мелтирер, Ой-тоого жайып ак кагаз* (Султанов).

**МЕЛҮҮН** Ысык да эмес, суук да эмес, орточо. *Айлана мелүүн тартып жымжырт* (Сасыкбаев).

**МЕЛҮҮНДӨ** Аба ырайы сууп, салкын тартуу, мелүүн болуу.

**МЕЛҮҮНДӨӨ мелүүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕЛҮҮНДӨТ мелүүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕЛЧЕМДҮҮ мерчемдүү** менен бирдей.

**МЕЛЬХИОР** *хим.* Күмүш түстөгү жез менен никелдин эритиндиси. Идиш-аяк, тыйын, ичке (проволка) зымды жасоодо колдонулат.

**МЕМИРЕ** Көшүгөн, каалгыган тынч абалда болуу. *Мемиреген уйку. Мемиреген тынчтык. Мемиреген түн.*

**МЕМИРЕТ мемире** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕМИРӨӨ мемире** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕМОРАНДУМ** Кандайдыр бир маселенин иш жүзүндөгү, документтин же укуктук жактарын баяндоочу дипломаттык документ. *Шанхай кызматташтык уюмунун Банктар аралык бирикмесинин жана Евразиялык өнүктүрүү банкынын ортосун-*

*да шериктештиктин негизиндеги мамилелер тууралуу меморандумга кол коюшту* («Кыргыз Туусу»). *Алар жүргөн мамлекеттер менен биз меморандум түзөлү деп жатабыз* («Кыргыз Туусу»).

**МЕМОРИАЛ** Күндөлүк соода операциясы жазылып турууучу бухгалтердик китепче.

**МЕМОРИАЛДЫК** Кандайдыр бир киши же окуя жөнүндө түбөлүк эстелик болуу үчүн кызмат кыла турган нерсе. *Мемориалдык доска. Мемориалдык курулуш.*

**МЕМУАР** Өзү көрүп-билген же башка жакын булактардан алган окуялар жөнүндө жазылган эскерүү мүнөзүндөгү чыгармалары. Мында борбордук орунда баяндоочу автор турат да, окуяларга өзүнүн көз карашынан баа берет.

**МЕН** Сүйлөп жаткан тарапты, сүйлөөчүнүн өзүн билдирүү үчүн колдонулат. *Мен Чалкалмак болгону, Жоодон качып көрбөдүм* (Сыдыкбеков). *Бурулуп мага келе кет, Алымкан, муңдууга салбай кыйын иш* (Токтогул). *Кана, Макиш, мени уят кылбай ырдап жиберчи* (Сыдыкбеков). *Же атайы сен жаралып мен үчүн, Төрөлгөндө мендик болуп төрөлдүң* (Султанов). *Мен таш боормун, мупмуздак таш жолдомун* (Муканов).

**МЕН ДЕСЕҢ** Мени чын эле сыйласаң, мага жан тартып, жакшылык кылайын десен. *Мен десең, досум, бул кылыгыңды жакынкы күндөрдөн баштап таштап жибер* («Кыргызстан маданияты»).

**МЕНДИКЕР** *туурасы:* **мандикер.**

**МЕНЕДЖЕР** Административдик чарбачылык өз алдынчалыкка ээ өндүрүштү сатуу, сатып алуу, тейлөө кызматтарын уюштурууучу жана көзөмөлдөөчү адис. *Администратор жана менеджерлерге тейлөөнү мыкты уюштуруу боюнча семинар болуп өттү. Менеджер Эрлан Шаменов идишаяктын үстөл үстүндөгү ордун, ар бир идишти коюу эрежесин, кардарларга тамакты берүү жана идиштерди жыйнап алуу тартибин семинардын катышуучуларына үйрөттү* («Кыргыз Туусу»).

**МЕНЕДЖМЕНТ** *экон.* Өндүрүштү, ишкананы башкаруу, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана арбыныраак пайда табууга карата иштелип чыккан ишкананы, өндүрүштү башкаруу принциптеринин, методдорунун, каражаттарынын жана формаларынын жыйындысы.

**МЕНЕН I** Бирге экендикти, чогуу экендикти же кандайдыр бир куралды колдонгондукту билдирүү үчүн колдонулат. *Менин жерим – жыргал менен толгон жер, Менин элим – тайманбаган баатыр эл* (Токомбаев). *Жакшы – эли менен, жер – кени менен* (макал).

**МЕНЕН II** Бир өнчөй мүчөлөрдү байланыштыруу үчүн колдонулат. *Алар бул жерге плотина үчүн шагыл таштар менен кумдарды* ташууда («Ленинчил жаш»).

**МЕНИМЧЕ** Сүйлөп жаткан адамдын өзүнүн оюу боюнча. *Менимче сен бир аз жаңылышып жатасың.*

**МЕНИН КОЛУМ ЭМЕС, УМАЙ ЭНЕНИН КОЛУ** *этн.* Көбүнчө балдарды эмдеп-домдоодо, аялдарды төрөтүүдө же бир ишти баштоодо «бул умай эненин колу менен иштелип жатат, мындай касиеттүү колдун эми түшсүн, айыгып кетсин, башталган иш ийгиликтүү, жакшы аяктасын» деген тилеккаалоо маанисинде айтылат. – *Бысмылда бул менин колум эмес, умай эненин колу,* – *Байбиче неберенин оозуна сөөмөйүн салып апаптап койду* («Кыргызстан маданияты»).

**МЕНИНГИТ** *мед.* Мээ кабыгынын сезгениши.

**МЕНМЕНСИ** **менменсин** менен бирдей.

**МЕНМЕНСИН** Бой көтөрүү, пейил күтүү, кекирейүү. *Өзүнө жан теңебей менменсингендей мисиреет* (Сыдыкбеков). *Менменсинип, бул жалганга бүлүк салган ким?* (Жакиев).

**МЕНМЕНСИНҮҮ** **менменсин** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕНСИН** **менменсин** менен бирдей.

**МЕНТ I** 1. Байлоо, байлап алуу. *Беттешкен адам мент болгон* («Семетей» С.К.). 2. Кокустукка учуратуу, өлтүрүү, жайлоо. *Кезиккенди кент кылган, Алышканды мент кылган* («Сейтек»).

**МЕНТ II** *сүйл.* Милиционер.

**МЕНТАЛИТЕТ** *саяс.* 1. Акыл эмгек, акыл ой. 2. Тигил же бул топко кирген адамдардын саясий жана социалдык реалдуулукту өзгөчө кабылдоосунун туруктуу, кеңири таралган жыйындысы. *Элеттиктердин менталитети шаардыктардан таптакыр айырмаланып турат* («Кыргыз Туусу»).

**МЕНТИНЕН ТАЮУ** 1. Алдан-күчтөн кетүү, шайы ооп, начарлап калуу. *Жүзү топуракка окшоп бозоргон Күрүчбектин ментинен тайып калганы көрүнүп турат, уулуна сүйөнө илээлеп басып, үйүнө жетти* (Осмоналиев). 2. Бедели кетүү, кадыр-баркы төмөндөө. *Серкебай бай айыл арасына бастыра албай шагы сынып, ментинен тайыды* (Сыдыкбеков).

**МЕНТОЛ** Дары катарында медицинада (сасык тумоого каршы) жана парфюмерияда о.э. кондитер тамак – аштарында колдонулуучу жалбыздан алынган эфир майы кошулган кристалл түрүндөгү тунук зат.

**МЕНЧИК** Бирөөгө таандык болгон мүлк, нерсе, каражат.

**МЕНЧИКТЕ** Бир нерсени өзүнө таандык кылып алуу, өзүмдүк кылып алуу; ээлеп алуу, менчиги деп эсептөө. *Менчиктеген кой. Менчиктеген бак.*

**МЕНЧИКТЕЛ** **менчикте** этишинин туюк мамилеси.

**МЕНЧИКТЕШТИР** **менчикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕНЧИКТЕШТИРИЛ** **менчиктештир** этишинин туюк мамилеси. *Көп жылдан бери эмгектенип алган үйлөрүбүз Өкмөттүн жарлыгына ылайык менчиктештирилип берилген* («Кыргыз Туусу»).

**МЕНЧИКТӨӨ** **менчикте** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕНЧИКТҮҮ** Бирөөгө таандык, бирөөнүн менчигиндеги өзүмдүк. *Менчиктүү мал. Менчиктүү мүлк.*

**МЕНЬШЕВИЗМ** *тар.* Россиянын социал демократтык жумушчу партиясында болгон майда буржуазиячыл, оппортунисттик, революцияга каршы агым.

**МЕНЬШЕВИК** Меньшевизмди жактоочу, марксизмге каршы оппортунисттик партиянын мүчөсү.

**МЕНЮ** Ашканада, кафеде, ресторанда даярдалган тамактын тизмеси.

**МЕҢ** Кишинин денесиндеги бүртүйүп турган кичинекей кара так, бүртүйүп турган кичинекей кал. *Зарылдын оң кашынын астынан кичинекей меңи көрүнөт* (Сыдыкбеков).

**МЕҢДИ** *диал.* Адыр жерге көк тарам чалбыр байлап чыккан, тоголок дан алып, анысы бышканда кызарып жарылган, даамы кычкыл келген өсүмдүктүн аты. *Меңди бышканда мөмөсүн нанга сүйкөп жесе болот.*

**МЕҢДУБАНА** Кызгылт көгүш түстүү гүл ачуучу, жыты адамдын башын айландыруучу уулуу өсүмдүк. *Тегерек аянтчаны калдагай жалбырак, меңдубана, алабата, шыралжын баскан* (Бейшеналиев).

**МЕҢСИЗ** *өт.* Тагы жок, карасы жок. *Алтымыш меңсиз боз бээлер, Арналды Көкүл тоюна* («Эл адабияты»).

**МЕРБЕТ** *диал.* Шуру, седеп.

**МЕРГЕН** 1. Мылтык менен уучулук кылган адам. 2. Таамай жазбай атууучу адам. *Үч уулу – үчөө бирдей ашкан мерген* (Үмөталиев). 3. Мергенчилик. *Мергенге чыгуу.*

**МЕРГЕНДИК** Аңчылык, аң уулоочулук, мергенчилик кесиби. *Мергендик жакка шыктуусуң* («Эр Төштүк»). *Эт бышырып, от жаккан–Мергендиктин белгиси* (Токтогул).

**МЕРГЕНЧИ** Мылтык менен аңчылык кылган адам, мерген. *Тайганын ээрчите мергенчи да аскадан түшүп келди* (Сасыкбаев). *Илгери өткөн заманда Дыйканбай деген мергенчи болуптур* («Жомоктор»). *Мергендер тилейт кийикти, кийиктер тилейт бийикти* (макал).

**МЕРГЕНЧИЛИК** Аңчылык, аң уулоочулук. *Нурбай мергенчиликти атасы Тургундан үйрөнгөн* (Баялинов).

**МЕРЕЗ** Башкаларга көп аралашпаган, сүйлөшпөгөн, суз мүнөз. *Мээримге кимдер балкыбайт, Мерездер гана түтпөсө* («Ала-Тоо»).

**МЕРЕЙ** 1. Бала, тукум. *Ажалым жетсе өлөйүн, бирок арт жагымда калган жок «апа» деп ыйлар мерейим* (фольк.). 2. Колдоо, үмүт, таянуу.

**МЕРЕС** Оору, туюк жара. *Мергенди мерес оору торой чалды, Күн сайын күңгүрөнүп, кайгы арбады* (Осмонов).

**МЕРИДИАН** Экваторду тик бурч менен кесип, жер шарынын Түндүк жана Түштүк полюстарын басып өтүп бириккен сызык.

**МЕРИНОС** Уяң жүндүү койдун тукуму. *Миңдеген кой меринос, Багып турган кезеги* (Тоголок Молдо).

**МЕРКУРИЙ** *астр.* Күн системасындагы планеталардын эң кичинеси жана Күнгө эң жакын планета.

**МЕРСЕТ** *туурасы:* **перзент.** *Согончогум канабай, Арманы көп кудайга Алдыма мерсет бала албай* («Эл адабияты»).

**МЕРТ: мерт болуу** 1. Бертинүү, мертинүү, денесинин бир жери чыгып же кокустап калуу. 2. Күтпөгөн жерден өлүү, кандайдыр бир кокустуктан өлүү. *Эчен жандык мерт болуп, тоо койнуна бүлүк жетти* (Медетов). *Наристе баланын жалаң санаадан, кусадан жүрөк оорусуна чалдыгып мерт болушу өтө аянычтуу экен* («Кыргызстан маданияты»).

**МЕРТ КЫЛУУ** Капысынан, күтүлбөгөн жерден майып кылуу, өлтүрүү. *Келген жоону кетирбес, мерт кылар мерген жери бар. Кыжырына тийгенди, чаап алып мерт кылган* (фольк.). *Анан Шералыны мерт кылды деген кабар тарады* (Абакиров). *Бардык айбанаттарды коркутат, беттешип кармашканын мерт кылат* (Кыдырмышев). **В.: Мент кылуу.** *Кезиккенди кент кылган, Алышканды мент кылган* («Сейтек»).

**МЕРТЕ** **мертебе** менен бирдей.

**МЕРТЕБЕ** Ирет, жолу, эсе. *Беке, сага миң мертебе ыракмат* (Байтемиров). *Күндүк, айлык нормаларын Беш мертебе ашырган* (Бөкөнбаев).

**МЕРТЕМ** **мертебе** менен бирдей.

**МЕРТИК I** **бертик** менен бирдей.

**МЕРТИК II** **мертин** менен бирдей.

**МЕРТИН** Дене мүчөсүнүн, көбүнчө, бели кокустап калуу же чыгып кетүү. *Күчтүү күчөнсө – күнүнө келет, күчү жок күчөнсө – бели мертинет* (макал).

**МЕРТИНТ** **мертин** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЕРТИНҮҮ** **мертин** этишинин кыймыл атоочу. *Мертинттирип белимди, Бешенеге жүктөлдү* («Казыбек»).

**МЕРТТИК** Өлүү, жок болуу.

**МЕРЧЕМ** Белгилүү бир чек, болжолун билдирген белги.

**МЕРЧЕМДҮҮ** Болжолдуу, урунттуу, белгилүү. *Токойдун чет жагындагы мерчемдүү жерге жеттим* (Бөлөкбаев). *Алым мерчемдүү жерге жакындаганда арка жагын карап тура калды* (Жантөшев).

**МЕСЕЛ** Макал-ылакап каймана сөз менен айтылган акыл-насаат. *Жумшак айткан меселеңиз муз жүрөгүмдү эритейин деди* (Сыдыкбеков). *Месел сөздү көп билген адам.*

**МЕСЕЛДЕТ** Макал-ылакап менен каймана түрүндө акыл-насаат айтуу, месел менен сүйлөө. *Батийнанын жөндөмдүү кебине ичтен ыраазы болгон Кыдырбай локуя отуруп, алыстан меселдетти* (Сыдыкбеков). *Сарала чечен тил менен меселдете сүйлөп, эбаккы намысты козгоду* (Сыдыкбеков).

**МЕСКАНДЫК** Адамдар үчүн азап тартып, кудайга ортомчулук кылуу, пейил тазартуучу.

**МЕССИАНИЗМ** Жерге чындыкты, адилеттүүлүктү багыттаган Кудай жиберген өкүлү катарындагы адамдардын, иудаизм жана христианство окуусу.

**МЕССИЯ** Иудаизм жана христианстводо адамдарды жамандыктан куткаруучу, кудайдын адамы.

**МЕТАЛИНГВИСТИКА** Тил илиминин ойлоого жана тил коллективинин коомдук турмушуна байланыштуу тилдин мазмун өзгөчөлүктөрүн, мисалы, балдардын кебинин өркүндөш өзгөчөлүктөрүн, эки тилдүүлүк кубулуштарын, тилди үйрөнүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн ж.б. үйрөнүүчү бөлүмү.

**МЕТАЛЛ** Ийилип же майтарылуучу, жылуулукту жана электрди жакшы өткөрүүчү химиялык жөнөкөй зат, эритме, кошунду. *Түстүү металлдар. Кара металлдар. Асыл металлдар. Жеңил металлдар.*

**МЕТАЛЛДАШТЫРУУ** 1. Бир нерсени чирибес үчүн көк таш менен иштетүү. 2. Бир нерсеге металл жылтырагын берүү.

**МЕТАЛЛИСТ** Металлчы, металл өнөр жайында иштөөчү жумушчу.

**МЕТАЛЛОГРАФИЯ** 1. Металлдардын ички түзүлүшү жөнүндөгү илим. 2. *полигр.* Кол менен же кислота менен бети оюлуп, сүрөт ж.б. нерселер салынган металл пластинкаларды кагазга басуу.

**МЕТАЛЛОИД** *хим.* Металлдарга жатпаган химиялык зат (мис. күкүрт).

**МЕТАЛЛОХИМИЯ** Металлдардын химиялык касиеттерин изилдөөчү илим.

**МЕТАЛЛУРГ** Металлургия жагынан адис.

**МЕТАЛЛУРГИЯ** Металл өндүрүп чыгаруу боюнча оор өнөр жайынын бир тармагы. *Түстүү металлургия. Кара металлургия заводу.*

**МЕТАЛЛУРГИЯЛЫК** металлургияга таандык.

**МЕТАЛОГИКА** *филос.* Азыркы учурдагы формалдуу логиканын системаларын жана түшүнүктөрүн изилдөөчү теория.

**МЕТАМОРФОЗ** Функциясынын өзгөрүшүнө байланыштуу органдын түрүнүн кескин өзгөрүшү.

**МЕТАМОРФОЗА** Кубулуу, башка түргө түшүү (мифологияда бир нерселердин башкага кубулуусу).

**МЕТАСТАЗ** *мед.* 1. Организмде кан же лимфа аркылуу оорунун козгогучун бир орундан экинчи орунга ташуу. 2. Оору очогунун жаңылап башка орунга которулушу.

**МЕТАТЕЗА** *линг.* Сөздөгү муундардын же тыбыштардын орду илгери кийин алмашып келиши, түшүшү. Мисалы, тегирмен дегендин ордуна темирген деп колдонуу.

**МЕТАТИЛ** *филос.* Тил, анын жардамы менен предметтик тил деп аталуучу айрым башка тилдер же объекттин тилинин касиеттери баяндалат жана изилденет.

**МЕТАФИЗИК** Метафизикалык көз карашты жактоочу.

**МЕТАФИЗИКА** 1. *филос.* Жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын, өз ара бирибири менен болгон байланышын, өнүгүшөсүшүн, кыймылын, өз ара ички каршылыктарын таанып, эч өзгөрбөй турган нерсе катары караган идеалисттик философиялык окуу. 2. Сезип-туюу тажрыйбаларынан сырткары турган «рухтук башаттар» жөнүндөгү окуу.

**МЕТАФИЗИКАЛЫК** метафизикага таандык.

**МЕТАФОРАЛЫК** *адаб.* Кандайдыр бир нерсени, кубулушту окшоштукка негизделип өтмө мааниде башка бир нерсе, кубулуш менен туюнтуу. *Бул Карабек кыргызымдын эң туну, Мыкты иштейт деп кадырлуу угам мен муну, Заводумдун ууз сүтүн кана ичкен, Заводумдун дулдул канат кулуну* (Осмонов).

**МЕТЕОР** Планета аралык мейкиндиктен жерди көздөй тез ылдамдык менен жарык чачып учкан асман телосу.

**МЕТЕОРИТ** Планета аралык мейкиндиктен жерге түшкөн катуу металл массасы сыяктанган физикалык тело.

**МЕТЕОРОЛОГ** Метеорология жагынан адис.

**МЕТЕОРОЛОГИЯ** Жердин атмосферасы менен анын түзүлүшү, касиеттери жана андагы физикалык процесстердин өзгөрүшү жөнүндөгү илим.

**МЕТЕОРОЛОГИЯЛЫК** метеорологияга таандык. *Метеорологиялык байкоолор. Метеорологиялык станция.*

**МЕТИ** 1. Чукулдук. *Жумушкер мети кармап кенге кирет.* 2. Чеккич, тегирмендин ташын чегүүчү балка. *Тегирмендин ташын мети менен чегет. Балка, мети Уруш салат таш менен, Жана жеңет Мен команда беремин* (Токомбаев). *Бул кенди казайын мен бергин мети* (Үмөталиев).

**МЕТИЛЕ** Керки, чукулдук менен кыймылдоо. *Туюк белди метилеп, ашуу кылып салганын* (фольк.).

**МЕТИС** 1. Эки башка улуттун өкүлдөрүнүн никелешүүсүнөн чыккан тукум.

**МЕТКЕЛ** Пахтадан токулган кездеменин бир түрү.

**МЕТОГРАММА** *адаб.* Табышмак ырдын бир түрү. Мында жашырылган сөздүн башкы тамгасы же ошол сөздүн негизги белгилери көрсөтүлөт. *«К» – дан эгер баштасаң, Балык кармар жермин. «Ч» – дан эгер баштасаң – Суу болбосо – өлдүң* (Т. Самудинов).

**МЕТОД** Усул, кандайдыр бир нерсени ишке ашырууда же теориялык изилдөөдө колдонулуучу ыкма, жол. *Диалектикалык метод. Реалисттик метод.*

**МЕТОДИКА** Бир нерсени жүзөгө ашырууда же бир нерсеге үйрөтүүдө колдонулуучу методдордун жыйындысы. *Кыргыз тилин окутуунун методикасы.*

**МЕТОДИКАЛЫК** **методикага** таандык.

**МЕТОДИСТ** Кандайдыр бир сабакты окутуунун методу жагынан адис, усулчу.

**МЕТОДОЛОГИЯ** Дүйнөнү илимий таанып-билүүнүн жана кайра түзүүнүн методдору (метод – кандайдыр бир илимде изилдөө ыкмаларынын жыйындысы) жөнүндөгү окуу.

**МЕТОКОЙ** Өтө күчтүү, кыйын ат. Кээде адам жөнүндө да айтылат. *Жылкынын метокою.*

**МЕТОНИМИЯ** *адаб.* 1. Бир нерсенин атын мейкиндик (орун), мезгил жактан катышына карай экинчи түшүнүктүн ордуна колдонуу. мис., эки аяк ичти (чынында аякты ичкен жок, аяктын ичиндегини – сүт, жарма, ботко ж.б. ичти). 2. Нерсенин же кишинин аты башка нерсе же буюмдун ордуна колдонулат. *Бөтөлкөнү көрүп, Шилекейин жуткан* (Алыбаев). 3. Автордун наамы менен чыгармасы туюнтулат. *Жазуу келечегим жөнүндө көп ойлойм. Лермонтовду окуп-окуп таң калам* (Осмонов). 4. Нерсе ал материал менен алмашылат. *Куткарып ушул чоюн жалдыроодон, Айтпагын, акын иним, чыкты черим....* (Турусбеков). 5. Бир нерсенин аракети жана анын натыйжасы ушул аракеттин ишке ашыруучу нерсенин атына көчүрүлөт. *Неге сен ыраак кеткен сапарыңан, Ээриң жок жайдакталып кайра келдиң?* (Осмонов). 6. Белгилүү бир жердеги кишилердин ордуна ал жашаган жер аталат. *Карагандан айбыгам, Каттын сүрү бир башка. Келген экен айлынан, Курман болгон курдашка* (Эралиев).

**МЕТР** 1. Метрикалык системада жүз сантиметрге барабар болгон узундук өлчөмү. 2. *адаб.* Ырдын өлчөмү, бул же тигил ырдагы ыргактын, ритмикалык бирдиктердин ченеми.

**МЕТРАЖ** Бир нерсени метр менен өлчөгөндөгү узундугу. *Кездеменин метражы. Режиссёр эпизодду өзүнчө жазып, кандай жерден тартарын, канча метраж керек болорунан өйдө эсептеп чыгат* («Жаш ленинчи»).

**МЕТРИКА** 1. *адаб.* Ар кандай элдердин поэтикалык багыттардын ыр түзүлүшүнүн белгилөөчү эрежелердин системасы. 2. Качан туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүк.

**МЕТРИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб.* Ыр сабындагы кыска жана узун муундардын бирдей санда ырааттуу кайталанышына негизделген ыр түзүлүшү.

**МЕТРЛЕ** Метрге салып ченөө. *Баш аягын метрлеп, Ченеп болбойт акылды* (Үмөталиев).

**МЕТРО** **метрополитен** менен бирдей. *Москвадагы метро. Ленинград метросу.*

**МЕТРОЛОГ** Метрология жагынан адис.

**МЕТРОЛОГИЯ** Өлчөө-чендер жана таразалар жөнүндөгү илим.

**МЕТРОПОЛИТЕН** Шаарларда жер астында жүргүзүлгөн темир жол.

**МЕТРОПОЛИЯ** Басып алынган, көз каранды территорияга, колонияга ээ империалисттик мамлекет.

**МЕХАНИЗАТОР** 1. Механизация жагынан адис. 2. Ар кандай механизмдерди, машиналарды тейлөөчү адис (көбүнчө айыл чарба машиналары боюнча).

**МЕХАНИЗАЦИЯ** Ар кандай кол эмгеги менен иштелүүчү иштерди жана өндүрүштү машиналар, механизмдер менен жабдуучулук.

**МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТЫР** Ар кандай иштерди, өндүрүштү механизм, машина менен иштетүү, жабдуу.

**МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТЫРУУ** **механизациялаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**МЕХАНИЗМ** Машинаны же приборлорду кыймылга келтирүүчү анын ички түзүлүшү. *Шахта механизмдери. Сааттын механизми.*

**МЕХАНИК** 1. Механика жагынан адис. *Инженер-механик.* 2. Механизмдин аракетине байкоо жүргүзүүчү жана аларды ремонт кылуучу адам.

**МЕХАНИКА** 1. Кыймылдын жана анын күчүнүн мейкиндикте пайда болушун текшерүүчү физиканын бөлүмү. *Теориялык механика.* 2. Кыймыл жана анын күчү жөнүндөгү окууну практикалык максаттар үчүн колдонуу маселесинин үстүндө иштеген техниканын бир тармагы. *Курулуш механикасы.*

**МЕХАНИКАЛЫК** 1. **механикага** таандык. *Механикалык кыймылдаткыч. Механикалык мастерская. 2.* Шак эле, жөн эле, ошол замат, ойлонулбастан, өзүнөн-өзү.

**МЕЦЕНАТ** Илим жана искусство ишмерлеринин колдоочусу. *Бул иште эл аралык уюмдардын, меценаттардын, элдик «Ашар» ыкмасынын ролу кеңири колдонулуп келе жатат* («Кыргыз Туусу»).

**МЕЦЕНАТТЫК** **меценатка** таандык. *Бул иште «Дордой» ассоциациясы да меценаттык жардамдарын дайыма берип келүүдө* («Кыргыз Туусу»).

**МЕЧИН** 1. Маймыл. 2. Мүчөлдүн тогузунчу жылы. *Мечин жылы.*

**МЕЧИТ** Мусулмандар чогулуп намаз окуй турган, ар кандай диний иштерди жүргүзө турган жай. *Медиресе мечитти, Бекем кылып салдырды* («Манас» С.О.). *Мечитке карай басышты Сопулар селде чалынып* («Мендирман»).

**МЕЧКЕЙ** *эск.* Опкок, соргок. *Жолой мечкей соргок экен, Жеген тамакка тойбоду («Эл адабияты»).*

**МЕШ** 1. Үйдү жылытуу, тамак бышыруу үчүн ылайыкталган, ичине от жагылуучу темирден жасалган же дубалга кошо курулган нерсе. *Мешке салынган таш көмүр алоолоно күйүп, үйдүн ичи ысып чыкты* (Сасыкбаев). *Кой көң жагылган темир мештин бир капталы чоктой кызарды* (Убукеев). 2. Бир нерсени ысытуу жолу менен иштетүү үчүн жасалган курулуш. *Домна меши. Кирпич бышыруучу меш.* 3. Туюк союлган серкенин терисинен жасалган чоң чанач. *Меш кылып койгон суу куюп* («Манас» С.О.).

**МЕШКЕ: мешке май** *диал.* Сызгырбаган каймак май.

**МЕШКЕЙ мечкей** менен бирдей. *Улуштө, этке тойбос, кымызга канбас бир опкок-мешкей очокко отуруучу экен* (Сыдыкбеков).

**МЕЩАН мещанин** менен бирдей.

**МЕЩАНДЫК** 1. *тар.* Майда соодагерлерден жана кол өнөрчүлөрдөн, төмөнкү кызматкерлерден турган падышалык Россиядагы катмарга таандык идеология жана психология. 2. *өт.* Майда мүдөөлүү идея жана коомдук түшүнүгү тар. *Мещандык көз караш.*

**МЕЩАНИН** 1. *тар.* Мещандык сословиеге таандык адам. 2. *өт.* Майда мүдөөлүү, идея жана коомдук түшүнүгү тар киши.

**МИЙВА** *диал.* **мөмө** менен бирдей. *Жайнатып дасторконго мийва төгүп, Чай менен кошо берет май каймагын* («Эл адабияты»).

**МИГРАНТ** Миграцияда жүргөндөр. *Мигранттар үчүн камсыздандыруу фонду* («Кыргыз Туусу»). *Мигранттар өздөрүн капысынан болгон окуядан коргоп, материалдык колдоого ээ болушат* («Кыргыз Туусу»). *Мүчө болгон эмгек мигрант жыл сайын 500 рубль берип, өзүн камсыздандырат.*

**МИГРАЦИЯ** Этностук топтордун, адамдардын этностук аймактын чегинде жер которуулары, башка бир аймактарга көчүп баруулары. Чет элдик этнографияда «миграция» термини маданиятка карата да айтылат. *Капиталдын миграциясы.*

**МИЗ** Бычак, кылыч, канжар сыяктуу нерселердин курч жагы. *Кылычтын мизи. Чалгынын мизи. Канжардын мизи.*

**МИЗ БАКПОО** Көшөрүп туруп алуу, айтканынан кайтпоо, ийикпөө, кайра жанбоо, эч муюшпоо. *Ысмайылбек миз бакпай, экөөнү качырды* («Ленинчил жаш»). *Азат бою дүркүрөсө да, эки-үч күндөн бери төгүлгөн кан менен ызакордукка уугуп калган эле, миз бакпай кайраттуу турду* (Көчкөнов). *Жаш сулуунун миз бакпаган бул сөздөрү анын жүлүнүнө сайылды* (Көчкөнов).

**МИЗДЕ** Миз чыгаруу, чыңоо.

**МИЗДҮҮ** Мизи бар, миз чыгарылып жасалган; мизи курч, кырлуу. *Кара жерди каңтарган Ак болот миздүү күрөгү* (Осмонкул). *Таманын тоонун миздүү таштары тилсе Динар кантет эле* (Сыдыкбеков).

**МИЗИ КАЙТУУ** Баштагыдай кайрат кыла албай коркуп калуу, жалтануу, батына албоо, анча даай албай, бир аз басаңдай түшүү, мурдагысындай болбой калуу. *Мырзабек баштаган манаптар кердирип, кийимин тонотуп сабатса да мизи кайтпады* (Бейшеналиев). *Жаркынайдын мизи кайтып, ишенер-ишенбесин билбей деңдароо болуп калды* (Абдыраманов). *Ат үстүндөгү чоочундун ырайымы жоктой чамынган сүрүнөн Октордун мизи кайта түшөт* (Осмоналиев). **В.: Мизи кайтарылуу.** *Кожокенин мизи кайтарыла түштү* (Сыдыгалиев). **Мизи жапырылуу.** *Орундуу айтылган сөзгө жыгылып, бая бакылдап жаткан кишинин мизи жапырыла түштү* («Ала-Тоо»). **Мизи майтарылуу.** *Тигилердин түрүн көргөндө калдастап, мизи майтарыла түштү* (Жоошбаев). *Мындай манапка касташуучулардын мизи майтарылып, дос-тааныштар көбөйө баштайт* (Осмоналиев). **Мизи мокоо.** *Куру шекшинүүдөн чечкиндүүлүктүн мизи мокоп жатпайбы* («Ленинчил жаш»). *Сабылып, ачык чыгуудан айбыгып, миздери мокоп титирөөдө* (Бейшеналиев). **Мизи тайгылуу.** *Өктөм жеткен экөө тырчыбыраак, бирок да уккулуктуу абазга миздери тайгыла ат үстүнөн кулак төшөшту* (Бейшеналиев).

**МИЗИЛДЕ** 1. Түз, өңгүл-дөңгүлү жок. *Мизилдеген жол. Мизилдеген талаа.* 2. Таза, кирсиз жаркырап туруу. *Үй ичиндеги көзгө урунган буюмдардын баары бир зор кубаныч күткөндөй мизилдейт* (Сыдыкбеков).

**МИЗИЛДЕТ мизилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**МИЗИЛДӨӨ мизилде** этишинин кыймыл атоочу.

**МИЙЗАМ I** *туурасы:* **мыйзам.** *Мийзамдын жолуна түшүнгөн киши* (Сыдыкбеков).

**МИЙЗАМ II** Күз болгондо жел менен кошо учкан ак түстүү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе. Какымдын учкан гүлдөрү. *Мийзам учуп күз болуп* («Семетей»). *Былкылдак куурай бышкыча, Мийзамдын гүлү учкуча, Аябай алты ай салышып* («Манас»).

**МИЙНА** Эмаль, нерсенин бетине төгүлгөн жалтырак. *Мийна чөгөрүп жасалган жүгөн, куюшкан.*

**МИКОЗДОР** *а.ч.* Малда мите козу-карындар пайда кылуучу ыландардын тобу.

**МИКОТОКСИКОЗ** *а.ч.* Малдын уулуу козу-карындар менен булганган тоюттан ууланышы.

**МИКРО** Кичине деген маанини билдирген татаал сөздүн бөлүгү.

**МИКРОАВТОБУС** Ичине 12–15 адам бата турган кичине чакан унаа. *Бишкек жана Ош шаарындагы атайын жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарына бирден микроавтобус тапшырылды* («Кыргыз Туусу»).

**МИКРОАНАЛИЗ** *геол.* Топурактагы айрым химиялык элементтерди анализдөө.

**МИКРОБ** Микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү, көзгө илээшпеген бир клеткалуу организм; бактерия.

**МИКРОБИОЛОГ** Микробиология жагынан адис.

**МИКРОБИОЛОГИЯ** Биология илиминин микроорганизмдерди изилдөөчү бөлүмү.

**МИКРОИНСУЛЬТ** *мед.* Мээдеги кан айлануунун кыска мөөнөткө бузулушу. Капысынан эс учун жоготуу.

**МИКРОИНФАРКТ** *мед.* Органдын же ткандын артериялык кан жетпей калган бөлүгүнүн некрозго (өлүмтүккө) чалдыгуусу. Ошол тканды же органды азыктандыруучу артериянын тарышы, шишик басып калуусу.

**МИКРОКЛИМАТ** Өзүнүн өзгөчөлүгү менен шартталган анча чоң эмес географиялык ландшафттын климаты. *Курулган бассейндер жакшынакай микроклиматтарды түзөт* («Ден соолук»).

**МИКРОКРЕДИТ** *экон.* Аз суммада берилүүчү кредит. *Азыр кредит бирикмелери, микрофинансы жана микрокредит уюмдары иштеп, айыл калкына кредит берүү кыйла жакшырып калды* («Кыргыз Туусу»).

**МИКРОМЕТР** *а.ч.* Нерсенин сызыктуу өлчөмдөрүн тийиштирип ченөө ыкмасы менен өлчөөчү универсал аспап.

**МИКРОМЕТРИЯ** Эң эле кичинекей сызыктарды жана бөлүктөрдү өлчөө.

**МИКРОН** физ. Миллиметрдин минден бир бөлүгү.

**МИКРООРГАНИЗМ** *биол.* Микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү жаныбарлар же өсүмдүктөр организми.

**МИКРОРАЙОНДУК** Микрорайонго тиешелүү, шаардагы райондук бирдик, микрорайондун тургундарын тейлөө үчүн арналган нерсе.

**МИКРОСКОП** Көзгө илээшпеген майда нерселерди чоңойтуп көрсөтүүчү оптикалык прибор.

**МИКРОФЛОРА** Белгилүү бир чөйрөдөгү микроорганизмдердин тобу.

**МИКРОФОН** Добушту, үндү алыс жерге угузуу үчүн же добушту, үндү катуу чыгаруу үчүн толкундарын электр тогунун толкунуна айландыруучу прибор.

**МИКРОХИМИЯ** Микроскоптук майда, кичине заттарды химиялык изилдөө методдору.

**МИКРОЦЕФАЛИЯ** *мед.* Баштын нормалдуу көлөмдөн кичине болушу.

**МИКРОЭВОЛЮЦИЯ** Түрдүн популяциясында жүрүүчү эволюциялык процесстердин жыйындысы.

**МИКРОЭЛЕМЕНТТЕР** *а.ч.* Өсүмдүк жана жаныбар организминде өтө аз санда кезигүүчү химиялык заттар.

**МИКРОЭТНОНИМДЕР** Уруулардын, уруулук бирикмелердин, этнографиялык топтордун ж.б. ичиндеги майда уруктардын, топтордун аталышы.

**МИКСЕР** Бир нерсени (крем, коктейл, мусс ж.б.) тез аралаштыруу, чалуу үчүн колдонулуучу электр аппараты, чалгыч.

**МИКСТУРА** Суюк дары.

**МИЛДЕТ** 1. Сөзсүз аткарууга тийиш болгон, адамдын мойнундагы иш, жоопкерчилик. *Өлкө коргоо улуу милдет биздеги* (Бөкөнбаев). *Биздин милдет ушул ыйык байлыкты, Муундардан муундарга калтыруу* (Ибраев). *Кой багуу менин милдетим* («Ала-Тоо»). *Армандуу болдум неге өлбөй, Үкөйүм, ал милдетиң менде бар* (Боогачы). *Каржысы келген адамга, Ажыга баруу зор милдет* («Калмырза»). 2. Бир нерсеге жетүү үчүн болгон далалат, аракет, алдыга коюлган максат. *Биздин милдет – ишти талаптагыдай бүтүрүү.*

**МИЛДЕТ КЫЛУУ** Бир нерсеге доомат кылуу, аткарган иши үчүн бир нерсе талап кылып, док урунуу. *Милдет кылып келген жан, Тойдургун деп чалкалар* («Манас»).

**МИЛДЕТКЕР** Жоопкерчилик жүктөлгөн, милдеттүү. *Жылкыга өзүм милдеткер.*

**МИЛДЕТТЕН** Бир нерсени иштөө, аткаруу милдетин алуу, өз мойнуна жүктөө. *Кыргызстандын кенчилери дагы он эшелон көмүр казып чыгарууга милдеттенди* («Советтик Кыргызстан»).

**МИЛДЕТТЕНДИР** **милдеттен** этишинин аркылуу мамилеси.

**МИЛДЕТТЕНМЕ** Сөзсүз аткаруу милдетин алган убада, сөзсүз аткарууга убада кылынган милдет.

**МИЛДЕТТЕНҮҮ** **милдеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**МИЛДЕТТҮҮ** 1. Сөзсүз аткарылуучу, милдет болуп жүктөлгөн, милдеттендирилген. *Милдеттүү токтом. Милдеттүү окуу.* 2. Бирөөнүн же бир нерсенин аркасы менен жетишкендиги үчүн милдеткер. *Ата-эненин алдында бала дайыма сый-урматынан жазбоого милдеттүү.*

**МИЛДЕТТҮҮ КОНОК** 1. Ашка, тойго алыстан чакырылып келип, аш же той ээсинин туугандары, жакындары күтүп алууга тийиш болгон конок. *Милдеттүү коноктуку оңой эмес, уят болбогудай болгула* («Ала-Тоо»). 2. *тар.* Бий, бектер. – *Апбара-*

*келде, Куке, милдеттүү конок турбайсыңарбы?* (Абакиров).

**МИЛИТАРИЗАЦИЯ** Басып алуучулук согуштарга даярдык көрүү максатында империалисттик мамлекеттердин экономикалык, саясий жана коомдук турмушун согуш закондоруна, согуш тартибине багындыруусу, милитаризм системасын жүргүзүү. *Экономикалык милитаризация.*

**МИЛИТАРИЗАЦИЯЛОО милитаризациялa** этишинин кыймыл атоочу.

**МИЛИТАРИЗМ** 1. Империалисттик мамлекеттердин куралдануусун күчөтүү жана жаңы империалисттик согушка даярдануу максатында жүргүзгөн реакциялык саясаты. 2. Капиталисттик өлкөлөрдө аскер чөйрөлөрүнүн саясий үстөмдүгү.

**МИЛИТАРИСТ** Милитаризмди жактоочу.

**МИЛИЦИОНЕР** Милициянын катардагы кызматкери.

**МИЛИЦИЯ** 1. Коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоочу административдик орган. 2. *сүйл.* Милициянын кызматкерлери; милиционер.

**МИЛЛИАРД** Миң жолу миллионго барабар сан.

**МИЛЛИАРДЕР** Байлыгы миллиардга толгон, миллиард менен бааланган капитал ээси.

**МИЛЛИГРАМ** Граммдын минден бир бөлүгү.

**МИЛЛИМЕТР** Метрдин миңден бир бөлүгү. *Без орто эсеп менен бир сутканын ичинде бир миллиметрге жакын жаш бөлүп чыгарат* («Ден соолук»).

**МИЛЛИОН** Миң жердеги миңге барабар сан.

**МИЛЛИОНЕР** Байлыгы миллион же миллиондогон сомго (долларга ж.б.) жеткен бай адам, ушундай байлыктын ээси. *Миллионер адам.*

**МИЛТЕ** 1. Дүрмөткө от коюу үчүн колдонулуучу эшилген кебез; бир нерсени жаруу үчүн коюлган, салынган жарылгыч затка от жеткирүүчү ичке жип. *Жылдыз болуп жылтылдап, Милтеден күйгөн оттору* («Манас» С. К.). *Ырдабай кантип коёмун, Дарылап милте от коюп, Капчыгай зоосун жарганын* (Сасыкбаев). *Мылтыктын көркү огунда, Милтенин көркү чогунда* (Токтогул). *Милтесине чок коюп* («Семетей» С.К.). 2. Бир нерсенин четине же тигишине кошуп тигилүүчү ичке чүпүрөк. *Арасына оюунун Актан милте койдурган* (Тоголок Молдо). 3. Чырактын билиги. *Булбул жанган Кебез милте чырагы* (Маликов). 4. Мылтыктын окдарысын салган баштык.

**МИЛТЕКЕЧ** Милтелүү мылтык. *Жанында элүү киши милтекеч бар, Милтеге оттук чагып от коюлар* (Чоробаев).

**МИЛТЕЛҮҮ** *эск.* Милте аркылуу атыла турган. *Милтелүү мылтык.*

**МИМИКА** Бир нерсеге кайгырган же кубанган сезимди билдирген бет булчуңдардын кыймылы; ушундай жол менен ички сезимди билдирүү искусствосу.

**МИМОЗА** *бот.* Бадал өсүмдүгү, бир нерсе тийип кетсе ошол замат жалбырагын төмөн түшүрүп жыйрып калчу өсүмдүк. *Бир жылда эки ирет гүлдөгөн магнолия, камелия, мимоза дарактары да ушунда* (Баялинов).

**МИН** 1. Бир нерсенин үстүнө (көбүнчө көлүккө) отуруу. *Төөгө минип, эчкиге жашынба* (макал). *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул). *Күшүлдөп алга карай арыш керген, Алдыда минген атым Кара-Кашка* (Кожомбердиев). *Машина минип зыпылдап, Баратсам мейкин талаада* (Калык). *Танка минип сенин бөлөң баратат, Эрдигине таңыркатат, каратат* (Токомбаев). *Кайык миндик көлдүн айлуу түнүндө* (Мидин).

**МИНА** 1. Суунун ичине коюлуучу же жерге көмүлүп коюлуучу жарылма снаряд. 2. Миномёттон атылуучу жарылма снаряд.

**МИНБАР** Мечиттин намаз окула турган залынын төрүндөгү оюк. Имам ошол жерден элге үгүт сүйлөйт.

**МИҢГЕК** *бот.* Жоон түп алып тамыр байлай турган жана тамырынын дарылык касиети бар жапайы өсүмдүк.

**МИНГИЗ мин** этишинин аркылуу мамилеси.

**МИНГИЧ** Миниле турган жылкы. *Өзүңөр билип эле мен бир мингич сатып алгандай кылып, акчасын берсеңер болду* (Каралаев). *Тайлагыбыз бар эле мингич болсун үчүн аны бээге алмашканбыз* («Советтик Кыргызстан»).

**МИНЕРАЛ** Жер катмарынын курамына кирүүчү табигый химиялык бирикме же элемент. Жер астындагы химиялык тубаса кошунду.

**МИНЕРАЛДЫК минералга** таандык. *Минералдык туздар. Минералдык жер семирткичтер.*

**МИНЕРАЛОГ** Минералогия жагынан адис.

**МИНЕРАЛОГИЯ** Минералдар жөнүндөгү илим.

**МИНЁР** Мина коюу жана аны алуу боюнча адис.

**МИНИ-БАСКЕТБОЛ** Оюндун эрежеси, инвентары кичинекей балдарга ылайыкталып өзгөрүлгөн баскетбол оюну.

**МИНИ-ТУРНИР** Чемпионаттын, мелдешүүнүн бир бөлүгүн камтыган спорттук оюн, турнир.

**МИНИ-ФУТБОЛ** Жабык имаратта ойнолуучу, эрежелери өзгөрүлгөн футбол оюну.

**МИНИАТЮРА** 1. Байыркы мезгилдерден китептерди коздоо үчүн тартылып келе жаткан иллюстрация, сүрөт. 2. Музыкалык, ада-

бий же живопистик кичинекей чыгарма.

**МИНИАТЮРАЛЫК миниатюрага** таандык.

**МИНИМАЛДУУ** Эң кичинекей, башкалардын ичинен эң азы. *Инвалиддердин пенсияларынын минималдуу өлчөмү да жогорулатылат* («Ленинчил жаш»)

**МИНИМУМ** 1. Эң эле аз, максимумдун карама-каршысы. 2. Кандайдыр бир тармак боюнча берилүүчү билимдин же көрүлүүчү чаралардын зарыл болгон көлөмү, жыйындысы. 3. Эч болбогондо, жок дегенде.

**МИНИНГИТ** Мээнин кабы менен жүлүндүн челинин сезгеничтүү дарты.

**МИНИСТР** Министрликти башкаруучу өкмөт мүчөсү. *Айыл чарба министри. Соода министри. Көп эле иш бар мисалы: Министр, шофёр, милийса* (Жунушев).

**МИНИСТРЛИК** 1. Мамлекеттик башкаруунун айрым тармагын тейлөөчү борбордук мамлекеттик мекеме жана да ошол мекеме жайгашкан имарат. *Финансы министрлиги.* 2. Министрдин кызматы, орду, посту. *Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги «импаза» препараты боюнча төмөнкүлөрдү билдирет* («Кыргыз Туусу»). *Министрликке ылайыктуу адам.* 3. **министрге** таандык. *Министрлик портфель.*

**МИНОМЁТ** Мина менен атуучу согуш куралы. *Замбирек менен миномёттун мөндүрдөй жаап турган огуна карабастан он жерден үзүлгөн сымды Айылчы улаштырып чыкты* (Бөкөнбаев).

**МИНОМЁТЧУ** Миномёт бөлүктөрүндө иштөөчү жоокер, согуш кызматкери; миномёттон ок атуучу жоокер.

**МИНОР** *муз.* Кайгылуу дооштогу музыкалык үндөштүк.

**МИНТ** 1. Мына ушундай кылуу, мына ушундай иштөө. *Минтип жүргөн жалкоолор, Түбүндө кантип оңолот* (Тоголок Молдо). 2. Кандайдыр бир кыймыл-аракетти же иштин натыйжасын көрсөтүп, ошого шилтөө катарында колдонулат. *Мына минтип уюлгуп кар жаап, улам бетке урган сайын көңүлдү сергитет* (Байтемиров). *Кыздын минткени арсызды эликтеген шылдың күлкүсү эле* (Сыдыкбеков). 3. Деп айтуу. *Барк албас анан минтти сөзүн улап* (Осмонов).

**МИНТҮҮ минт** этишинин кыймыл атоочу.

**МИНУС** 1. Математикада кемитүү амалын жана терс чоңдукту билдирүүчү белги (–). 2. Бир нерсенин кемчилдиги, жетишпеген жагы. *Бул сунуштун минус жагы да бар* («Кутбилим»).

**МИНУТ минута** менен бирдей.

**МИНУТА** 1. Бир сааттын алтымыштан бир бөлүгүнө барабар болгон убакыт, 60 секундадан турган убакыт өлчөмү. *Көргөнүм айтым минуттө* («Манас» С.О.). 2. *геогр.* Бурчтарды жана дугаларды өлчөө үчүн колдонулуучу алтымыштан бир градуска барабар болгон бирдик; ал жазууда цифранын оң жагына $^{\circ}$ деген белги менен белгиленет. 80°30 (80 градус 30 минута).

**МИНҮҮ мин** этишинин кыймыл атоочу.

**МИҢ** 1000 деген сандын аты жана ошол сан. *Билимдүү миңди жыгат, билектүү бирди жыгат* (макал). *Миң сандаган көрүүчүлөр сени эмес, Сен аларды теше тиктеп сынадың* (Султанов).

**МИҢ АЛАКЕТКЕ ТҮШҮРҮҮ** Кыйноо, тынчын алуу, дүрбөлөңгө түшүрүү. *Тыныбек көз боочудай тыңдаган калайыкты миң алакетке түшүрүүдө* (Бейшеналиев).

**МИҢ БАШЫ** Аскердик мансап. Сөзмө сөз миң жоокердин башчысы дегенди туюнтат. Бирок чынында мансабы миң башы аталганы менен өзү бир топтун, бөлүктүн, атайын жайдын башкаруучусу болуп кызмат өтөшү да мүмкүн. 2. *өт.* Башчы, жетекчи, башкаруучу. *Зындандагы миң башы* («Манас» С.О.).

**МИҢ КЫЛГАН МЕНЕН** Кетсе да, кандай кылса да, деген менен. *Миң кылган менен ичи түшкөн эмес экен. Миң кылган менен бир тууган да. Миң кылган менен бул дагы үй го?* (Жантөшев).

**МИҢ МЕРТЕБЕ ТОБО!** Абдан ыраазы, аябай ыраазы болуу маанисинде айтылат. *Аны биздин ырыскыбызга жаратканына миң мертебе тобо!* (Медетов). **В.: Миң мертебе ыраазы.** *Ушундай бирөөгө туш болгонуңа миң мертебе ыраазы болосуң* (Медетов).

**МИҢ САН** Өтө көп, эң көп, эсеп жеткис, арбын. *Заңгырап катар-катар миң сан үйлөр, Салынган ар жеринде эчен-эчен* (Нуркамал). *Баш кошуп миң сан кедей артель болду* (Элебаев).

**МИҢ ТОЛГОНУУ** Көп ойлонуу, сар-санаага батуу, ойлонуп көп убаракерчиликке батуу. *– Ата көрү, – деди ичинде миң толгонуп, өзүбектин, кожонун тукуму болбосо* (Абакиров).

**МИҢГИ** Минип же арабага чегип үйрөтүлгөн ат. *Миңги ат.*

**МИҢДЕН БИР** Өтө сейрек, аз гана, андасанда. *Андай сапат азыр миңден бир гана адамда болбосо, андайды табуу кыйын го* («Ленинчил жаш»).

**МИҢДИН БИРИ** Табылбаган, абдан зарыл, эң керектүү, сейрек учуроочу (көбүнчө дарыдармекке карата). *Кой, эчкинин аксагына марал кулак миңдин бири* (Жантөшев). *Мынчалык аракеттин аркасында шыгын өркүндөткөн идиректүүлөр миңдин биридир* (Бейшеналиев).

**МИҢЖАШАР** *диал.* Дарылыгы бар тоо өсүмдүгү. *Бизде миңжашар, куурай өсө берет.*

**МИҢТАМЫР** *диал.* Жалбырагы чоң,

сүйрү, тамыры ичке келип, тоонун тескейине чыгуучу өсүмдүк.

**МИОЗИТ** *мед.* Булчуң сезгенчи.

**МИОКАРД** *мед.* Жүрөктүн булчуң катмары.

**МИОКАРДИТ** *мед.* Жүрөк булчунунун сезгениши, оорушу. *Миокардит көбүнчө ревматизм менен ооруган балдарда болот.*

**МИРАЖ** 1. Закым. 2. *өт.* Алдамчы болуп көрүнгөн элес, кыял.

**МИРАШ** Моюндагы милдеттен кутулуу. *Алып мираш бермекке, Акылың болсо жөнөгүн* («Манас» С.О.).

**МИРИ** *диал.* Беш тыйын, беш тыйындык чака. *Мириден сириге чейин – майда-чүйдөсүнөн бери, быкы-чыкысынан өйдө, бүт бойдон, толук. Мириден сириге чейин билүү. Дос таап кетет деп анын колуна бир мири алтын теңге карматпайт* (Касымбеков).

**МИС** Жез. *Тээ тетиги окшош боорлордон томсоргон алтын, күмүш, коргошун, мис табылар* (Турусбеков). *Той кызматындагы аялдардын экөө бир-бирден мис чылапчын алышты* (Абдукаримов). *Туурдугуң киш болду, Ит аягың мис болду* (Тоголок Молдо).

**МИСАЛ** 1. Кандайдыр бир нерсени аныктоо, далилдөө үчүн алынган жекече учур, далил, үлгү. *Акын бул тамсилди кимге мисал келтирген? Мисал үчүн алалык, Биздин эле жарбаңды* (Токомбаев). 2. Сыяктуу, окшош. *Таңга маал ойгонуп, Торгой мисал быжырап* (Токтогул).

**МИСБЕК** Тиш чукуур, ичке кылып жасалган тиш тазалагыч. *Японияда кымындай мисбектен, ширенкеден китеп, журналдан тартып, олчойгон самолётко чейин коосдошот* (Жусупов).

**МИСИНЧЕ** *зоол.* Бактек сыяктуу, бирок андан кичирээк канаттуу.

**МИСИР** Жыргал, жакшы жер. *Оо, айланайын, мисир жерим!*

**МИСИРЕЙ** 1. Суз, томсоргон, кекирейген көрүнүштө, кебетеде болуу. *Өзүнө жан теңебей менменсинген Батыш мисирейгенден мисиреет* (Сыдыкбеков). *Ачыбаган камырдай мисирейген жигит жигитпи?* (Токомбаев). 2. Мизилдеген, тасырайган көрүнүштө болуу. *Тим эле устара менен алгандай болуп беде аңызы мисирейип жатты* (Байтемиров).

**МИСИРЕЙТ мисирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**МИСИРЕЙҮҮ мисирей** этишинин кыймыл атоочу.

**МИСИРЕКЕЙ** Суз, жайдары эмес, дайыма суз жүргөн, мисирейген.

**МИСКЕ** Тегерек формадагы түбү чуңкур тамак-аш куюу үчүн колдонулуучу идиш. *Мискеге кымыз куюп келди* (Токомбаев).

**МИСКЕЙ миске** менен бирдей.

**МИСКИН** Бей-бечара, байкуш, карып, тентиген, жайсыз адам. *Айландырып башына Талантты карып мискинге* («Манас» С.О.). *Карып, мискин бечара, Даарат алган аккан суу* (Жеңижок). *Садага берген мискинге, Бадышамдын барында, Адам тийбейт тизгинге* («Эл адабияты»). *Жетим, жесир, мискинди ажыратып алар деп* (фольк.). *Карып менен мискинге, Казына чачты чөмүчтөп* («Эл адабияты»). *Ыйлатып жесир-жетим мискиндерди, Семирген арам тамак доңуздарым* (Тоголок Молдо).

**МИСПИЛДИРИК** 1. Чымын-куюн болуу, көзгө илээшпей учуп кетүү. 2. Жоголуу, житип кетүү. 3. *өт.* Таш талканын чыгаруу, кыйратып жоготуу. 4. Эпосто: турмушта жок, коркунучтуу жандыктын аталышы, же анын сапаты катары да колдонула берет. *Миспилдирик алаткак* («Манас» С.О.). *Миспилдирик болду. Миспилдирик кылды.*

**МИСС** Англияда, Америкада турмушка чыга элек кыздарга кайрылуунун сылык формасы.

**МИССИОНЕР** Христиан чиркөөсү тарабынан башка диндеги калктын арасында диний пропаганда жүргүзүү жана аларды христиан динине киргизүүгө үгүттөө үчүн жиберилген диний үгүтчү.

**МИССИОНЕРЛИК миссионерге** таандык.

**МИССИЯ** 1. Атайы тапшырма, жоопту милдет. 2. Кандайдыр бир ишмердин же коомдук топтун турмуштук, тарыхый ролу. *Акындын миссиясы. Пролетариаттын революциялык миссиясы. 3.* Кандайдыр бир мамлекетте башына ишеничтүү адам коюлган дипломаттык өкүлдүк. 4. Атайын максаттар менен башка өлкөлөргө жиберилген дипломатиялык делегация. 5. Миссионердик уюм.

**МИСТЕ** Майда жаңгак сыяктуу мөмө берүүчү дарак же бадал өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн жемиши. *Мисте менен алча бар, Биз көрбөгөн канча бар* («Манас»). *Бадам да бар, шабдалы бар, мисте бар, Бул айтылган бардык жемиш бизде бар* (Калык). *Эгер амыр кылса асман – жер, Бир мистеге толбогон Кудуреттин күчү бар* («Манас» С.О.).

**МИСТЕЙ мисирей** менен бирдей.

**МИСТЕРИЯ** Сыр, сырдуулук. 1. Байыркы Греция менен Римде жашыруун түрдө өткөрүлүүчү диний ырым-жырымдар. 2. Европада орто кылымдарда диний мазмундагы пьеса.

**МИСТИК** Мистиканы жактаган, анын жолун жолдогон адам.

**МИСТИКА** Тиги дүйнөгө, кандайдыр бир табигаттан тышкары сырдуу күчкө ишенгендик.

**МИСТИКАЛЫК мистикага** таандык. *Мистикалык ишеним. Мистикалык адабият.*

**МИСТИЦИЗМ** Мистикага негизделген диний идеалисттик көз караш, мистикага берилүүчүлүк.

**МИСТӨӨ** Жездин бетине калай жугузуу.

**МИТААМ** Куу, шум, кытмыр. *Бир таруунун жоктугун, митаам кемпир билиптир* («Эр Төштүк»).

**МИТААМДЫК** Митаам адамдарга таандык сапаттар. *Чегиртке дале болсо митаамдыгын койгон жок* (Сыдыкбеков).

**МИТААМЧЫЛЫК** **митаамдык** менен бирдей.

**МИТАЙЫМ** **митаам** менен бирдей.

**МИТЕ** 1. Башка организмдин эсебинен жашоочу өсүмдүк же жаныбар. 2. *өт.* Арам тамак, жатып ичер, кан соргуч, зулум. *Сорпонун майын издеп мите бийлер, Алсызды опузалап тапчу жемди* (Турусбеков).

**МИТЕКОР** Арам тамак, жатып ичер, жан бакты, кан соргуч, зулум.

**МИТЕКОРЛУК** Бирөөнүн эмгегинен жашап күн көрүүчүлүк, арам тамактык. *Митекорлук менен күн кечүү.*

**МИТЕЛИК** 1. Башка организмдин эсебинен жашоочулук. 2. *өт.* Арам тамактык, жатып ичерлик, кан соргучтук, зулумдук.

**МИТЕЧИЛИК** **мителик** менен бирдей.

**МИТИНГ** Кандайдыр бир олуттуу саясий маселеге байланыштуу көпчүлүк катышкан чогулуш. – *Митинг жабык, агайын-дар!* – *деди Шамбет көпчүлүккө* (Сыдыкбеков). *Жумушчуларды узатууга ар- налган чоң митинг да ачылды* (Сасыкбаев).

**МИТРАПОЛИТ** 1. Православиелик жана католиктердин чиркөөсүндөгү епископтордун жогорку наамы. 2. Ушундай наамы бар епископ.

**МИТРОПОЛИЯ** Митрополиттин башкаруусу астындагы административдик – чиркөө округу.

**МИФ** 1. Дүйнөнүн жаралуусу, табият кубулуштары тууралуу аңыз-аңгемелер. 2. *өт.* Ойдон чыгарылган, фантастикалуу, чындыкка жакындабаган.

**МИФОЛОГИЯ** 1. Мифтердин жыйындысы. 2. Мифтерди изилдөөчү илим.

**МИФОЛОГИЯЛЫК** **мифологияга** таандык. *Мифологиялык сюжет. Мифологиялык баатыр.*

**МИФТИК** 1. **мифке** таандык. 2. *өт.* Легендарлык жомоктолгон, аңыз кылынган. 3. *өт.* Ойдон чыгарылган.

**МИЧМАН** 1. Аскер деңиз флотундагы старшиналык составдын жогорку наамы жана ушундай наамы бар киши. 2. Россиянын аскер-деңиз флотундагы биринчи офицердик чин жана ушундай чини бар киши.

**МИЧУРИНДИК** И.В. Мичурин тарабынан негизделген биологиянын жана айыл чарбасын жүргүзүү боюнча окууга таандык. *Мичуриндик окуу. Мичуриндик метод.*

**МИШТЕКТЕЙ** Кичинекей, чүрүшкөн. *Миштектей болгон неме.*

**МИЯТ** 1. Жак, тарап, жактоочу, болушуучу. *Жалгызга жок мият деп, Жадымда менин жок эле Бөкөй, ушундай ишти кылат деп* («Эл адабияты»). *Душмандарга октой мөндүр төккөндө, Кимдер мият, кимдер болот арачы* (Токомбаев). 2. Колдоочу, коргоочу. *Кимдер мият, кимдер болот арачы.*

**МИЯТТЫК** Кандайдыр бир бирөөнүн кызыкчылыгын колдоп, ошол тарапка өтүп кетүү.

**МОБИЛДҮҮЛҮК** Ийкемдүүлүк, кыймылдуулук, тез кыймылга, тез аракетке жөндөмдүүлүк.

**МОБИЛИЗАЦИЯ** 1. Аскер кызматын өтөгөн жоокерлерди согуштун чыгышына байланыштуу кайта аскер кызматына чакыруу жана тынчтык убактардагы куралдуу күчтөрдү, эл чарбасын согуштук абалдагы шарттарга көчүрүү, которуу. 2. *өт.* Кандайдыр бир ишти аткарууга жапырт кирүү.

**МОБИЛИЗАЦИЯЛА** 1. Аскер кызматын аткаруу үчүн жоокерлерди чакыруу, мобилизация жүргүзүү. 2. *өт.* Бардык күчтү кандайдыр бир ишти аткаруу үчүн багыттоо, бет алдыруу, жумшоо.

**МОБИЛИЗАЦИЯЛАН** **мобилизацияла** этишинин өздүк мамилеси.

**МОБИЛИЗАЦИЯЛОО** **мобилизацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**МОБУ** *сүйл.* **Мына бу** Көбүнчө көрсөтө белгилөө үчүн колдонулат. *Баатырсынып, эрсинип, Келген мобу Карадөө Калдалактап турганы* («Эр Төштүк»). *Мына мобу жерге койсоңуз болот* (Байтемиров). *Мобул талаа көчмөн элдер кылкылдап, Мобул чөлдөр каршы-терши өткөн чөл* (Байас).

**МОБУЯ** Элдик медицинада сынган сөөккө карата колдонулуучу дары, мумия. *Сыныгы болсо бүтөт деп, Аты жакшы мобуя, дары берген болучу* («Манас»).

**МОГОЛДОР** *тар.* Соңку орто кылымдарда Чагатай улусунун чыгыш бөлүгүн мекендеген түрк-монгол уруулары.

**МОДА** Кандайдыр бир коомдук чөйрөдө белгилүү бир убакта үстөмдүк кылган жүрүш-туруш эрежеси, кийим формасы, чач жасоосу, үй жасалгасы, жалпы үрп-адаттары. *Модалар журналы. Модадан чыгып калуу. Мода боюнча кийинүү.*

**МОДАЛДЫК** 1. *филос.* Ой жүгүртүүнүн аныктык, шексиздик деңгээлин билдирүүчү категория. 2. *лингв.* Кептин мазмунунун чындыкка мамилесин билдирүүчү грамматикалык категория. *Модалдык этиштер. Модалдык сөздөр.*

**МОДАЛУУ** Модага туура келген, модага ылайыктап жасалган.

**МОДАЧЫЛ** Жаңы модада кийинип жүрүүнү жакшы көргөн адам.

**МОДЕИЗМ** *тех.* Машиналардын көбүнчө самолеттор менен кемелердин моделдерин, механизмдерин, түзүлүштөрүн конструкциялоо, куруу жана сыноо иштери.

**МОДЕЛИСТ** **моделчи** менен бирдей.

**МОДЕЛЧИ** Модель жасоо жагынан, модель даярдоо жагынан адис.

**МОДЕЛЬ** 1. Кандайдыр бир нерсенин, буюмдун үлгүсү же нускасы. *Аялдардын көйнөгүнүн моделдери коюлган көргөзмө. Чоочун моделди ойлобой туруп кабыл алуу өзүнүн түзүк деле жемишин бербей тургандыгына көз жетти* («Кыргыз Туусу»). 2. Көбүнчө кандайдыр бир нерсенин кичирейтилген кеби, үлгүсү, схемасы. *Самолеттун модели. Кеменин модели. Он эки жашар пионер модель жасап учурду.* (Үмөталиев). 3. Конструкциянын тиби, маркасы, үлгүсү. *Жаңы моделдеги автомобиль.*

**МОДЕЛЬЕР** Модель жасоо боюнча, үлгү нускаларын жасоо боюнча адис. *Аялдар көйнөгүнүн модельери.*

**МОДЕМ** Стандарттуу телефон линиялары аркылуу берилиштерди жиберүү үчүн алды менен сандык сигнал аналогдук сигналга өзгөртүлүш керек. Ушул өзгөртүүнү байланышкатыш жабдуусу болгон модем түзүлүшү аткарат.

**МОДЕРН** 1. Азыркы замандагы, заманбап. 2. XX к. башы, XIX к. аягындагы европалык жана америкалык көркөм искусстводогу стиль.

**МОДЕРНИЗАЦИЯ** Акыркы замандык, заманбаптык. Бир нерсеге азыркы замандын талабына, шыгына жараша жаңы түр, ушул күнкү кебетени берүү.

**МОДЕРНИЗАЦИЯЛА** 1. Учурдун талаптарына жана шарттарына ылайыктап өзгөртүү. *Наваторлор колдо болгон техниканы модернизациялап жаратышат* («Советтик Кыргызстан»). 2. Эскиге, ал учур үчүн мүнөздүү болбогон, бирок азыркы жаңы заманга ылайык келген түр берүү. *Агенттиктин максаты – республикадагы кесипчилик билим берүү системасын жандандыруу жана модернизациялоо* («Агым»).

**МОДЕРНИЗАЦИЯЛАН** **модернизациялa** этишинин өздүк мамилеси.

**МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО** **модернизациялa** этишинин кыймыл атоочу.

**МОДЕРНИЗМ** *адаб.* XIX кылымдын аягында Францияда пайда болгон адабий агым.

**МОДИФИКАЦИЯ** 1. Түпкү негизи бузулбастан туруп, нерсенин же кубулуштун түрүнүн өзгөрүшү. 2. Ушундай өзгөрүүгө дуушар болгон нерсенин же кубулуштун түрлөрү. *Кар, мөндүр, кыроо – муздун модификациялары.*

**МОДИФИКАЦИЯЛА** Түпкү негизине тийбестен туруп, нерсенин түрүн, формасын өзгөртүү.

**МОДУС** 1. Логикада, схемадагы же бир эле түркүмдөгү ой жоруунун чегиндеги ар түрдүүлүк. 2. *филос.* Нерсенин өтмө абалы же касиети.

**МОЖОРИТАРДЫК** Көпчүлүккө негизделген, мажоритардык өкүлдүк (эң көп добуш алган кишини «шайланды» деп эсептей турган шайлоо системасы).

**МОЖУ I** **божу** менен бирдей.

**МОЖУ II** *диал.* Чайнекти, чаканы асып кайната турган жыгачтан же темирден жасалуучу үч буттуу асма, тулга. *Каныбек отундан сындырып отту жагып, жыгач можуга чоң кара чаканы асты* (Жантөшев).

**МОЖУР** *диал.* Башка жактан жер ооп келген адам. Бир жерден экинчи бир жерге көчүрүлгөн адам.

**МОЗАИКА** 1. Ар кандай түстүү айнек сыныктарынан, мрамордон, эмалдан, түстүү таштардан ж.б. кынап, көбүнчө цементке жабыштырылып жасалган оюу, чийме же сүрөт. 2. Ушундай оюу-чиймелерди, сүрөттөрдү жасоо искусствосу.

**МОЙЛО** *диал.* Мурут. Көбүнчө калкагай, чоң муруттарга карата айтылат. *Мойлолору калкайып* («Манас» С.О.). *Орунтай Мырза такай кыркып жүргөн кыска мойлоосун ээнжайкын коё берди* (Бейшеналиев). 2. Жаш кез.

**МОЙМОЛ** Сулуу, көздөрү адамды тартып, көздөрү өзгөчө сулуулук тартуулап турган селки, жаш келин. *Бото көз моймол.*

**МОЙМОЛЖУ** Көзү коюлуп адамды өзүнө тарткандай сүйкүмдүү, мээримдүү кароо, тиктөө, жалжылдоо. *Карайсың көзүң моймолжуп, Качанкы сүйүүм ойлонтуп* («Ала-Тоо»). *Моймолжуп көзүң айнектей, Боорумун сонун чайнектей* (Боогачы). *Босого маңдай, бото көз, Моймолжуган ширин сөз* («Олжобай менен Кишимжан»).

**МОЙМОЛЖУН** Моймолжуган көз караштагы, моймолжуган. *Сурмалуу көзү моймолжун тартып, ырдай баштады* (Сасыкбаев).

**МОЙМОЛЖУТ** **моймолжу** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОЙМОЛЖУУ** **моймолжу** этишинин кыймыл атоочу.

**МОЙНО** 1. Колдон чыгып кетүү, жулуп кетүү. *Коштоодогу ат жигиттин колунан мойноп кетти* («Ала-Тоо»). 2. Макул болбоо, каршылык кылуу, моюн бербөө. *Ай, Канышай ай, Канышай, Тилимди албай мойнодуң* («Мендирман»).

**МОЙНОК** 1. Малдын жана кийиктин моюн териси. *Текенин мойногу.* 2. Төөнүн мойнунун ийри жери. *Атыңдын башын тарт, өлөсүң! – деп, төөнүн мойногун тээп, саадагын кезеди* («САЖИ»). 3. Моюну ак ала болгон ит. *Козу деп келе жатканы, козу эмес ала мойнок күчүк болуп чыкканда селдее түштү. 4.* Ийри өркөчтөнгөн белес. *Ээр белдей мойноктон, Оргуп-оргуп чаң чыгат* («Эр Төштүк»). *Кырк күндүк кызыл чөлү бар, Ит жүрбөс мойнок жолу бар* («Эр Төштүк»).

**МОЙНОО** **мойно** этишинин кыймыл атоочу.

**МОЙНУ ЖАР БЕРБӨӨ** Көңүлү келбөө, кежигеси кер тартып иштегиси келбөө, ышынчаактык кылуу. *Кичинесинен кара жумушка кызыкпаса, үдөөсүнө чыга көнүкпөсө кийин өмүрүнчө кара жумушка мойну жар бербейт турбайбы* (Касымбеков). *Менин мойнум ага көп жар бербейт* (Абакиров). *Эмитен минтип эчтекеге мойнуң жар бербей жүрсө, сенден кандай окумуштуу чыгаар экен* (Саатов).

**МОЙНУ ЖООН** *к.* **жоон моюн.**

**МОЙНУ МЕНЕН ТАРТУУ** Өз кылган кылмышы үчүн өзү жооп берүү, өзү милдеттүү болуу, өз айыбынын азабын тартуу. *Кол менен кылганды моюн менен тартыш керек* (Байтемиров). – *Кара чечекей уулумду набыт кылып, жоокердин баарын кыдырып, өзүң анан качып келгениңди мойнуң менен тартасың* (Көчкөнов).

**МОЙНУ ТОҢ** *к.* **тоң моюн.**

**МОЙНУ ТОҢДУК КЫЛУУ** *к.* **тоң моюндук кылуу.**

**МОЙНУН СЫНДЫРУУ** *к.* **шайтан мойнун сындыруу.**

**МОЙНУНА АЛУУ** Кемчилигин, күнөөсүн, кылмышын танбоо, болгонун болгондой айтуу, чынын айтуу. – *Мына эми мойнуңа алдың. Эми болсоң сатып ал ошолорду алдагы байлыгыңа* (Кушубеков). *Чындыкты моюнга алуудан башка арга жок* («Ала-Тоо»)

**МОЙНУНА БОТО САЛЫНУУ** Толук баш ийип, кулдук кылгандыгын, күнөөсүн мойнуна алгандыгын билдирүү иретинде, кечирим суроодо ж.б. таазим көрсөтүү. *Алмамбет турду жалынып, Мойнуна бото салынып* («Манас»).

**МОЙНУНА КОЮУ** Кемчилигин, күнөөсүн, кылган кылмышын далилдеп берүү, тана албагыдай кылып далилдөө. Төлөп берүүгө милдеттендирүү. – *Асаке, сиздин менин мойнума коё турган эч бир далилиңиз жок* («Кыргызстан маданияты»). *Кылмышын мойнуна коюу. Акча алганын мойнуна коюу.* **В.: Мойнуна салуу.** *Коюн кайтарбай коюп, карышкырга жедиргендеринин баарын мойнуна салды* («Кыргызстан маданияты»). *Уурдаганын мойнуна салуу. Калп айтканын мойнуна салуу.*

**МОЙНУНА МИНҮҮ** 1. Толук бийлөө, үстөмдүк кылуу, басынтып алуу. *Айылдын абалы жаман. Жокчулук биротоло моюнга минип алды* (Абдукаримов). *Бай-манаптар кедейлердин мойнуна минип, баш көтөргүс абалда кармаган* («Ала-Too»). 2. Жүк болуу, бирөөгө салмагын салуу, башканын эсебинен күн көрүү. *Ата-эненин мойнуна минип, ошолордун аркасы менен дардаңдап жүрөт.*

**МОЙНУНА СОРПО ТӨГҮЛҮҮ** Шору катуу, башына кыйынчылык түшүү, айласы кеткен, өтө кыйын абалда калуу. *Обу жок сөз айтып алып, татырлык жооп алгандан кийин, Солтобайдын мойнуна сорпо төгүлгөнсүп туруп калды* («Ала-Тоо»). *Менин көзүм өткөндөн кийин сенин керилип уктап жатканыңды көрөрмүн, мойнуңа ошондо сорпо төгүлөр* (Кыдырмышев).

**МОЙНУНА ТҮШҮҮ** 1. Төлөмөр болуп калуу, төлөп берүүгө милдеттүү болуу. *Мойнуна эки миң акча түшүптүр* («Ала-Тоо»). 2. Мойнуна жүктөлүү, жоопкерчиликтүү болуу. *Эми атам өлгөндө тиричиликтин бардык түйшүгү өз мойнуна түштү* (Абдукаримов).

**МОЙНУНАН БАЙЛАГАН ИТТЕЙ** Көңүлү келбей, айласыздан, арандан-зорго, күч менен, кыйыктанып жатып деген мааниде колдонулат. *Мойнунан байлаган иттей болуп араң кетти. Мойнунан байлаган иттей болуп эле кыйыгына тартып турат* (Абдукаимов). **В.: Мойнунан байлагандай.** *Мунун баарына тең Бермет катышты, бирок катышканы менен мойнунан байлагандай болуп, кыйылып араң эле басып жүрдү* (Абдукаимов).

**МОЙПОЙ** Жоош, тынч көрүнүштө болуу. *Акимов мойпоюп балдарга карады* (Бейшеналиев).

**МОЙПОҢДО** **мойтоңдо** менен бирдей.

**МОЙСО** 1. Эч нерсесин калтырбай жалмап жеп коюу, түгөтүү. 2. Жок кылуу, өлтүрүү. *Үйгө кирип келишип мойсойт экен го деп душмандар качып калышты* (Сасыкбаев).

**МОЙСОЛ** **мойсо** этишинин туюк мамилеси.

**МОЙСОО** **мойсо** этишинин кыймыл атоочу.

**МОЙСОПУ** 1. Улгайган киши, токтолгон адам. 2. *өт.* Салабаттуу, кээде жоош адам. *Бир мойсопу жан болуп* («Манас» С.О.).

**МОЙСОПУТ** *диал.* Ак чачтуу, карыя, абышка. *Өңчөй жаштардын арасындагы мойсопут кишидей көзгө комсоо көрүнгөн үй ушунуку – Карабай акеники* (Мавлянов). *Элүү ашып, болгон кезде мойсопут, Эске түштү ошол солдат арбагы* (Байзаков).

**МОЙСОТ** **мойсо** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОЙТОЙ** Мотурайган жоош көрүнүштө болуу; толук, монтойгон көрүнүштө болуу.

**МОЙТОҢ: мойтоң-мойтоң** Көбүнчө мойтойгон, мотурайган баланын, жаш төлдүн чуркагандагы, баскандагы кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Мойтоң-мойтоң секирип, Маарап койгон үнүңдөн* (Осмонов).

**МОЙТОҢДО** Мойтоң-мойтоң этүү, мойтоң-мойтоң эткен көрүнүштө, элесте болуу. *Апам келатат! – дешип ар бир үйдөн мойтоңдогон кичинекей балдар жүгүрүп чыгышты* (Каимов).

**МОЙТОҢДОО** **мойтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**МОЙТОҢДОТ** **мойтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОКО** 1. Курч болбой калуу, мизи кайтуу. *Балта мокоду. Орок мокоду.* 2. *өт.* Мурдагыдай өтүмдүү болбой калуу, батымсыз, жалтак болуп калуу. *Жыңайлак жөө басып, Мокодум кайрат курчумдан* (Токтогул). *Жүрөгүм мокоп калыптыр* («Эр Табылды»).

**МОКОЙ мокочо** менен бирдей.

**МОКОК** 1. Өтпөгөн, курч эмес. *Мокок балта. Мокок араа. Мокок бычак.* 2. *өт.* Өтүмсүз, батымы жок, жалтак. *Те-ек, эркек да, кыз да тартынбай ырдап жатышса, береги менин Орусбегим мокок белем* (Сыдыкбеков). *Мен мококмун, мококмун кантейин, Сен да экенсиң анчейин* (Абылкасымова). *Менден көрүп жашоо кандай экенин, Мокогуңду мага шарт-шарт жанып ал* (Кулумбаев).

**МОКОО моко** этишинин кыймыл атоочу.

**МОКОТ моко** этишинин аркылуу мамилеси. *«Чалгынын баарын мокотупсуңар» деп атам нааразыланды* («Ала-Тоо»).

**МОКОЧО** Көбүнчө балдарды коркутуу үчүн колдонулуучу, түрү суук, фантастикалык тири укмуштуу жан. *Молдо мокочону (топуракка, баткакка оонап алган Койлубайды) көрдү да качып кетти* («Жомоктор»).

**МОЛ** Көп, толук жетиштүү, арбын. *Биздин Чүй боорунда кызылчанын мол түшүмүнө ээ болгон бир топ мастерлерибиз бар* (Жантөшев). *Кайраты мол, кайгысы жок кезиндей, Какса жүрөк кабыргамдын астында* (Акматбекова).

**МОЛДО** 1. Эл арасында мусулман динин таратуучу жана үгүттөөчү, шарият айтып, ооруган кишини окуп, дем салуу менен кесип кылган дин адамы. *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул). *Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба* (макал). *Молдо айтуучу зикирди* («Семетей» С.К.). *Молдолор китеп салынып* («Манас» С.О.). 2. Октябрь революциясынан мурда мусулман (дин) мектебинде окуган, арабча кат-сабаттуу адам. *Илгери чанда, бирок тил кат жаза билген молдо эле* (Сыдыкбеков). *Чакырды Бөкөй кат жаз деп, өзүнүн катчы, молдосун* («Саринжи-Бөкөй»). 3. *өт.* Жоош, момун.

**МОЛДО БОЛУУ** Тентектиги, шоктугу жоголуп, жоош, момун болуп калуу (көбүнчө балдарга карата). – *Эне, Сапаш молдо болуп калган турбайбы* («Ленинчил жаш»). **В.: Сопу болуу.** – *Эй, бийкеч, бат эле сопу болуп калган турбайсызбы!?* («Чалкан»).

**МОЛДОЛУК** Молдонун кесиби; молдого таандык сапат, өзгөчөлүк. *Мунун молдолугу бар жигит* («Ала-Тоо»).

**МОЛЕКУЛА** Белгилүү бир заттын негизги химиялык касиетин өзүндө сактаган эң майда бөлүкчөсү.

**МОЛЛЮСКА** Сырты мүйүз сыяктуу катуу кабык менен капталган, жумшак, килкилдек денелүү, омурткасыз жаныбар. *Көлдүн түбүндө ар түрдүү моллюскалар, суу чаяндар жашайт.*

**МОЛО** 1. Бейит, мүрзө. *Алда кайда бир дунгандын жеринде томпоюп Бекдайырдын жалгыз молосу калды* (Элебаев). *Талаага түнөгөнчө молого түнө* (макал). *Корунуп гана карашат, Колодон куйган молодой.* 2. Үйүлгөн нерсе – таш, топурак, кум, эгин ж.б. 3. Тоголок чулу таш, же андан иштелген сөлөкөт, балбал. 4. *өт.* Жылаңачталган, такырайтылган. *Өлүккө салган молону* («Манас» С.О.). 5. *сүйл.* Аялдар балдарды тилдегенде колдонулуучу сөз. *Баягы моло жок, кайда экен дешет* (Баялинов).

**МОЛО ТАШ** 1. Эгин бастыруу үчүн колдонулуучу кырдуу таш; эмгек куралы.

**МОЛОЙ** Кулагынан ажыроо же бутак, бүрүнөн ж. б. ажыроо. *Кулагын кылыч шыпырып, Молойгондор дагы бар* («Манас»).

**МОЛОЙТ молой** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОЛОК** Кулагы жок, чунак. *Молок кулак.*

**МОЛОР** *аңч.* Жем басары узун, мандайы кашка, башы томолок моло сыяктуу бүркүттүн түрү.

**МОЛОТИЛКА** Эгин басуучу машина. *Нак ушул секундда береги чоң кырмандан дүкүлдөп молотилка жүрдү* (Сыдыкбеков).

**МОЛОТОЙ** 1. Ат жарыш, балбан күрөштөрдө калыстык милдет аткарган адам. 2. Салт-санаа мыйзамдарынын билерманы. Мындайлар чогулуп талаштарды чечүүчү бийлерге да көрсөтмө беришкен. 3. *өт.* Өзү жаш туруп тапанданып чондорго каяша айткандарды ушинтип урушуп коюшчу. *Ал бир молотой.*

**МОЛТО** Амал, айла, куулук, митайымдык. (Эпосто көбүнчө «Молтолуу дуба» түрүндө колдонулат да, амал-айла дубасы, зээр дуба, көз боочулук дубасы маанисин туюнтат). *Ташка салып молтону* («Манас» С.О.). *Молтолуу дуба билгенден, Болумдуу күлүк миңгенден, Асты бирөө калбасын* («Манас»). *Акундун кызы Айчүрөк, Өзү аяр молтолуу* («Манас»). *Казактардан кан Тооке, Өзү аяр молтолуу* (Тоголок Молдо).

**МОЛТОЙ** Абдан кыска кесилген, түп жагы эле калган көрүнүштө болуу.

**МОЛТОҢ: молтоң-молтоң** Кыска, болуп көрүнүштөгү кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат.

**МОЛТОҢДО** Молтоң-молтоң этүү. *Солтобай келет солтоңдоп, сакалы жок молтоңдоп* («Олжобай менен Кишимжан). *Молтоңдоп качты нары, Күлүк экен өлгөндөй* (Жунушев).

**МОЛУТ** 1. Туулуу, төрөлүү. 2. *дин.* Мухаммед пайгамбардын туулган күнү.

**МОЛЬБЕРТ** *сүр.* Живописчин ар кандай бийиктикте кендир кездеме, картон, кагаз, тактаны керип бекитүүчү керме жыгачы бар станогу.

**МОМ** Аары бал чогултууда уюгун куруу үчүн колдонгон чайыр сыяктуу зат жана жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ошондой заты.

**МОМЕНТ** Учур, кырдаал. *Каалаган момент, жооптуу моменттер. Ыңгайлуу момент.*

**МОМИНТ** Мына минт деген сөздөрдүн биригип кеткен формасы. *Эгер душманым болсоң ушу жерден моминтип түртүп жиберер элем* (Байтемиров).

**МОМИЯ** **мобуя** менен бирдей. *Буту колу сынганга, Момия дары издешип* («Манас»).

**МОМО** Бууга бышкан туссуз тоголок нан. *Ак момосун жечү элек* («Семетей» С.К.).

**МОМО ТОГОЛОК** Курулуш материалы катарында көбүнчө дубал салууда колдонулуучу тоголоктолгон ылай. *Момо тоголоктоп салган үй.*

**МОМОЙ I** **момпой** менен бирдей.

**МОМОЙ II** Сөзгө аралашпай, көп сүйлөбөй жоош, тынч жүрө берүү. *Ал качан көрсөң барга, жокко да бирдей карагандай момоюп жүрө турган* («Ала-Тоо»).

**МОМОЛОЙ** Териси керектелүүчү чоң чычкан. *Мышык кыр-кыр этип момолойду жеп жатты* («Жомоктор»).

**МОМОСУЙ** Кебезден токулган түктүү кездеме. *Жол-жол момосуйдан тигилген көйнөгү бар* («Кыргызстан аялдары»).

**МОМПОЙ** Жоош, тентектик кылбаган абалда болуу, тынч момураган абалда болуу. *Чоң эне небересинен сурайт: Эмне момпоюп калгансың, ыя? Бир жериң ооруп жүрөбү?* (Сыдыкбеков).

**МОМПОСУЙ** Ар кандай формада канттан ж.б. жасалган таттуулук. *Балдарына кант, момпосуй, чай алды* (Каимов).

**МОМУН I** 1. Жоош, кууланганды, кара ниеттикти билбеген. *Кудун болсо көпчүлүктүн ыркы менен жүрө берген момун бала* (Каимов). *Момундун ишин теңир жалгайт* (макал). *Момунда бар бир мүнөз, Акысын жебейт адамдын* (Токтогул). 2. Кудай деген, топук кылган адам. *Кудай деген момунду, Күнөөсүнөн жат кылат* (Токтогул). *Момундун ишин теңир мактайт* (макал). *Кай бир түрлүү момунга, Кайгы берип ыйлаттың* («Казыбек»).

**МОМУН II** Кызыл түстөгү төрт бурчтук сүрөтү бар картанын бир түрү. *Момундун балтасы. Момундун тузу.*

**МОМУНДА** *сүйл.* Мына мында деген сөздөрдүн биригип кеткен формасы. *Айбалта жайы момундай* («Сейтек»). *Мурутум, чачым алынбай, Мусапыр болдум момундай* (Токтогул).

**МОМУНДОО** Оор басырык, кокурайбаган, токтоо. *Момундоо карыя адам.*

**МОМУНДУК** 1. Кууланганды, кара ниеттикти билбегендик, жооштук. *Болбос ишке кийликпе, Момундук жөнү бир башка* (Токтогул). 2. Кудай дегендик, топук кылуучулук.

**МОМУНСУН** Жоош сыяктанып көрүнүүгө аракет кылуу.

**МОМУНСУНУУ** **момунсун** этишинин кыймыл атоочу.

**МОМУРА** Жоош болуу, бир калыпта, шоктонбой тынч мемиреген абалда болуу. *Көкө үй ичине алдыртан көз чаптыра, момурап отурду* (Касымбеков). *Момураган коңур күз. Момураган жумшак түн.*

**МОМУРАТ** **момура** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОНАРХ** Мамлекеттик бардык бийлик колунда болгон башкаруучу (падыша, король, император ж.б.).

**МОНАРХИЗМ** Монархия мамлекеттик бийликтин бирден бир формасы деп эсептөөчү реакциячыл саясий агым.

**МОНАРХИСТ** Монархизмди жактоочу.

**МОНАРХИЯ** 1. Жогорку бийлик бир кишинин – монархтын гана колунда болгон мамлекеттик башкаруу формасы жана ушундай башкаруу формасы бар мамлекет. *Абсолюттук монархия. Конституциялык монархия.* 2. Жогоркудай башкаруу формасындагы мамлекет.

**МОНАСТЫРЬ** 1. Менчигинде чиркөө керектөөлөрүнө жумшалуучу жер жана акча каражаттары бар монахтардын диний коому. Кечилдер тобу чогуу жашаган жай. 2. Ушундай коомго таандык болгон жер, турак-жай, чиркөө.

**МОНАХ** Монастырдын жобосу боюнча чачын кырктырып жашоо жыргалчылыгынан безип монастырда жашаган диний коомдун мүчөсү, такыба христиан адам.

**МОНГОЛДОР** Монгол Эл Республикасынын жана Ички монголиянын (Кытай Эл Республикасындагы автономиялуу областы) негизги калкын түзгөн эл.

**МОНГОЛОИД** Монгол түспөлүндөгү адам.

**МОНЕТА** Түрдүү баадагы ар кыл металлдан жасалган акча; тыйын. *Күмүш монета. Жез монета.*

**МОНИЗМ** *филос.* Жаратылыш жана турмуш бир гана нерсеге – материяга же духка негизделет деп эсептөөчү философиялык окуу.

**МОНИСТ** Монизмди жактоочу.

**МОНИТОР** *инф.* Экран деп аталган чагылдыруучу беттен жана радио деталдар жайгашкан пластмасса же металл кутудан турган компьютер бөлүгү.

**МОНИТОРИНГ** *экон.* Бир нерсеге карата өзгөчө укук, б.а. өндүрүшкө, соодага, жаратылыш байлыктарын пайдаланууга жеке

адамга же кишилердин тобуна, мамлекетке тийиштүү укук. Тигил же бул товарды өндүрүүдө өзгөчө орунду ээлеген фирма, ишкана. *«Прес эмблем кэмпейн» эл аралык уюму журналисттердин укуктары кандайча сакталып жаткандыгына мониторинг жүргүзөт* («Кыргыз Туусу»). *Сасык тумоо жана гриппке мониторинг күчөтүлүп, медициналык уюмдардын башкы врачтарына катуу карматан респиратордук жана сасык тумоого окшош оорулар жөнүндө күн сайын маалымдап турушат* («Кыргыз Туусу»).

**МОНОГАМИЯ** 1. Никелүүлүк, бир эркек, бир аял жубайлыкты түзүп, туруктуу бирге жашоосу, 2. *мал.ч.* Айбанаттардын бир эркек, ургаачысы түгөй болуп тукум берүүсү.

**МОНОГРАФИЯ** Бир теманы, бир маселени изилдөөгө арналган илимий эмгек.

**МОНОГРАФИЯЛЫК** **монографияга** таандык.

**МОНОДРАМА** *адаб.* Жалгыз актер аткарууга ылайыкталган пьеса, монолог же бир эле актýрдун бир нече ролду аткаруусуна негизделип жазылган драмалык чыгарма, ошондой эле миниатюра театрлары үчүн ыңгайлаштырылган адабий негиз.

**МОНОКУЛЬТУРА** 1. Дыйканчылык чарбада дайыма өстүрүүчү өсүмдүктүн жалгыз түрү. 2. Өсүмдүктүн бир эле жалгыз түрүн көп жылдар бою бир эле жерде өстүрүү.

**МОНОЛИТ** 1. Чулу таш. Чулу таштан чаап жасалган нерсе. 2. *сүр.* Скульпторлукта чоң кезек таштан, мрамор, гранит, акиташ, кумдуу таштан ж.б. бир топ чоң көлөмдө чегилген скульптура чыгармасы.

**МОНОЛИТТҮҮ** 1. Монолит түрүндөгү, монолиттен жасалган. 2. Бирдиктүү, бекем бириккен чулу. *Монолиттүү коллектив.*

**МОНОЛИТТҮҮЛҮК** 1. Бир бүтүн, чулу нерседен тургандык. 2. *өт.* Бирдиктүүлүк, биримдик, ынтымактуулук, бир бүтүндүк.

**МОНОЛОГ** *театр.* Драмалык жана башка адабий чыгармаларда айрым бир каармандын жанындагыларга, оюнга катышуучуларга эмес өзү менен өзү сүйлөшкөн же оюн көрүүчүлөргө карата айткан сөзү.

**МОНОПОЛИСТ** 1. Монополия укуктарынан пайдаланган адам, б.а. бир нерсени өндүрүү, сатуунун толук укугуна ээ адам. 2. Ири капиталист, монополисттик капиталдын өкүлү.

**МОНОПОЛИСТТИК** **монополистке** таандык.

**МОНОПОЛИЯ** 1. Бир нерсени иштеп чыгарууга, сатууга болгон толук укугу бар жеке ишкер же белгилүү бир топ, мамлекет, дегеле кандайдыр бир нерсеге артыкча укуктуулук. *Сырткы соода монополиясы.* 2. Чарбанын кандайдыр бир тармагында капиталды топтоштуруу жолу менен үстөмдүк жүргүзүү максатында кирешени көп табуу үчүн уюштурулган капиталисттик ири бирикме.

**МОНОПОЛИЯЛЫК** **монополияга** таандык.

**МОНОРИМ** *адаб.* Бир гана уйкаштыктан куралган ыр же ырдын бөлүгү. *Күндөр өтөт, күндөр өтөт зуулдап, Көптөн чыккан күлүк аттай дуулдап, Тоодон түшкөн дарыядай шарылдап, Шамал соккон токойлордой шуулдап* (Осмонов).

**МОНОТЕИЗМ** *филос.* Дүйнөнүн жаратылышы бир гана кудайдан деп билген дин, бир кудайга ишенүүчүлүк.

**МОНОТЕИСТ** Монотеизмди жактоочу.

**МОНОТИП** Ар бирин өз алдынча куюу жолу менен тамга терүүчү типографиялык машина.

**МОНОТИПИСТ** Монотип машинасында тамга терүү.

**МОНОТИПИЯ** *сүр.* Басма менен байланыштуу графикалык техникада бир жолку калыптык гравюралык сүрөт.

**МОНОТОНДУУ** 1. Бир калыптуу үндүүлүк. 2. *өт.* Бир түрдүүлүк, бир калыптуулук, көңүлсүздүк.

**МОНТАЖ** 1. Белгилүү план же чийме боюнча машиналарды, жасалгаларды жыйнап жана орнотуу, куруу иши. 2. Фильмдердин, музыкалык жана адабий чыгармалардын, сүрөттөөлөрдүн айрым бөлүмдөрүнүн көркөмдүк жана мазмундук жактан бир бүтүндү түзүш үчүн ылганышы, бириктирилиши. 3. Жогоркудай жол менен түзүлгөн фильм, картина, чыгарма. *Адабий монтаж. Музыкалык монтаж.*

**МОНТАЖДА** Монтаж кылуу, бир бүтүнгө бириктирүү үчүн ылгоо, тандоо, даярдоо, монтаж жүргүзүү.

**МОНТАЖДОО** **монтажда** этишинин кыймыл атоочу.

**МОНТАЖДООЧУ** Монтаждоо ишин жүргүзүүчү.

**МОНТЁР** 1. Машинанын бөлүктөрүн жыйнап, өз-өз ордуна коюучу киши, монтаждоочу. 2. Электр жасалгалары, электр өткөрүү иштери боюнча адис; электромонтёр. *Бири жазгыч, бири кирпич бышырат, Бири монтёр, Ильич шамын тамызат* (Токомбаев).

**МОНТИРОВКА** Кичинекей, кыска лом.

**МОНТОЙ** Кичине, бирок толук, болтойгон көрүнүштө болуу. *Мингизип койгон тизеге Монтойгон эркек баласын* (Маликов).

**МОНТОҢ: монтоң-монтоң** Монтойгон жаш балдардын же жандыктардын көбүнчө чуркагандагы, баскандагы кыймыл аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Монтоң-монтоң жүгүрүү.*

**МОНТОҢДО** Монтоң-монтоң эткен көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Кечеки монтоңдогон жаш бөбөктөр, бул күндө байтеректей өсүп кеткен* (Маликов).

**МОНТОҢДОО** **монтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**МОНТОНДОТ** **монтондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОНУМЕНТ** Кандайдыр бир көрүнүктүү кишинин же окуянын урматына тургузулган архитектуралык же скульптуралык эстелик.

**МОНУМЕНТАЛДУУ** 1. Зор, бакыбат, залкар. 2. *өт.* Зор маанилүү, негизи күчтүү.

**МОНУМЕНТАЛДЫК** **монументалдуу** менен бирдей.

**МОНЧО** Бууга отура турган жайы бар, жуунуп тазалануу үчүн атайлап салынган жай. *Күнү-түнү мончолор жагылып, кирибизди кетире жуундук* (Каралаев).

**МОНЧОК** Жаркырап турган асыл таштан, айнектен ж.б. ар түрдүү формада жасалган ортосу көзөнөк, аялдар жипке тизип алып коомдук катарында тагынуучу жасалга жана анын айрым бүртүгү. *Көздүү мончок жерде калбайт* (макал). *Суу мончок. Чач мончок. Көз мончок. Алчалары тизген мончок – салбырап, Алмалары алыңыз дейт жалбырап* (Ибраев).

**МОНЧОКГҮЛ** *диал.* Ичке сабактуу келип, майда жалбырак алып, тегерек көк гүл чыгарып, тоодо өсө турган өсүмдүк. *Мончокгүлдөн үзө кел.*

**МОНЧОКТО** Мончок сыяктанып, мончоктой болуп көрүнүү, мончоктой болуп бөлүнүп чыгуу (мис., тер, көз жаш). *Мончоктоду маңдайлардан сымап тер, Ал шыпырып кайра кирет жазып чер* (Үмөталиев).

**МОНЧОКТОЙ** Мөлтүрөгөн, сулуу, татынакай. *Айылда мончоктой-мончоктой болгон эле кыздар жүрөт* (Маликов).

**МОНЧОКТОО** **мончокто** этишинин кыймыл атоочу.

**МОНЧОКТОТ** **мончокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОНЧОЧУ** Мончого келген кишилерди тейлөөчү мончо кызматкери.

**МООК** Каалоо, кумар, канагат алуучулук. *Ким суктанып Чүй талаасын кыдырса, Мооку канат жайнап чыккан эгинге* (Осмонкул). *Аттары күлүк аргымак, Мингендин моокун кандырат* (Үмөталиев).

**МООКУ** **моок** менен бирдей.

**МООКУМ** **моок** менен бирдей.

**МООКУН** **моок** менен бирдей.

**МООЛУК** Ач көздүк, өжөрлүк, кара мүртөздүк.

**МООТ** Сукно. *Токсон боздон жактырып, Барын семиз бактырып, Мойнуна тумар тактырып, Моот менен жаптырып (*Тоголок Молдо). *Жалаң кабат көк нооту чепкенин кийип үңкүрдөн чыкты* (Жантөшев).

**МОР** 1. Очоктун, мештин кирпичтен же топурактан жасалган түтүн чыгаруучу түтүгү. *Ал көрсө, мор ордуна коюлган түбү түшкөн карапа тура* (Сыдыкбеков). *Сукно фабрикасынын морунан кара кочкул түтүн буркулдады* (Сасыкбаев). *Буркуттөй шукшурулуп шамал тепсе, Мордогу түптүз түтүн сынып калды* (Кожомбердиев). 2. Түтүн чыгуучу тешиги тамдын төбөсүнө чейин көндөйлөтө дубалдын бооруна кошо салынган очок.

**МОРАЛДЫК** Мораль эрежелерине таандык, моралга таандык. *Жогорку моралдык сапат. Моралдык принциптер.*

**МОРАЛДЫК ТОЗУУ** *экон.* Эмгек каражаттарынын бара-бара өзүлөрүнүн баштапкы наркын толук эскиришине чейин акырындык менен жоготушу.

**МОРАЛЬ** Адамдын коомдо өзүн-өзү алып жүрүү, бирөөгө мамиле жасоо, адептүүлүк эрежелери. *Акырында, директор үнүн жапыз чыгара сүйлөп, мораль окуду* (Убукеев).

**МОРАТОРИЙ** *фин.* Өкмөт тарабынан кандайдыр бир чукул жагдайларга байланыштуу (согуш, стихиялык кырсык ж.б.) финансылык милдеттемелерди аткаруунун жана төлөмдөрдүн мөөнөтүн белгилүү бир мөөнөткө узартуу. *Евробиримдиктин учурдагы төрагасы Швеция Иран бийлигин же өлүм жазасын алып таштоого, же ага мораторий киргизүүгө чакырды* («Кыргыз Тусу»).

**МОРГ** Өлгөн адамдардын денесин убактылуу сактоочу жай, өлүккана.

**МОРДО** Жыгачты түздөө. *Ийри жыгач түз болот, тезге салып мордосо* («Эл адабияты»).

**МОРЖ** Азуулуу, узун муруттуу калак буттуу сүт эмүүчү ири деңиз жаныбары.

**МОРМОЙ** Көпкөлөң тартуу, шишүү.

**МОРТ** Оңой сынма, тез сына турган бекем эмес, чорт сына турган. *Морт бутак. Морт идиш.*

**МОРФЕМА** *лингв.* Сөздүн лексикалык же грамматикалык мааниси бар бөлүгү (уңгу, мүчө же приставка).

**МОРФИЙ** *фарм.* Апийимден жасалган уктаткыч, эс оодаргыч, мас кылгыч.

**МОРФИН** *а.ч.* Апийимдин негизги алкалоиди, сууда жакшы эрүүчү түссүз кристалл.

**МОРФОЛОГИЯ** 1. Организмдердин, органдардын, топурактын түзүлүшү жөнүндөгү окуу жана алардын түзүлүшү. 2. *лингв.* Тилдеги сөздөрдүн формаларын жана алардын өзгөрүш системасын изилдөөчү грамматиканын бир бөлүмү.

**МОРЯК** Флотто иштөөчү киши.

**МОСКООЛ** Сөөк-саактуу, булчундуу, калбаат. *Москоол денелүү, узун бойлуу кара киши Сансыздын досу – Карып* (Жантөшев).

**МОСТОГОЙ** Мостойгон, суз, жайдары эмес. *Мостогой келин. Мостогой киши.*

**МОСТОЙ** Сумсайыңкы томсоргон көрүнүштө болуу, мисирейүү. *Сатай бирдемени ойлонгонсуп мостоюп басты* (Сыдыкбеков). *Алым анчейин бир көп жомоктун бирин айткансып мостойду* (Жантөшев).

**МОСТОЙТ** **мостой** этишинин аркылуу мамилеси.

**МОСТОЮУ** **мостой** этишинин кыймыл атоочу.

**МОТИВ** 1. Себеп, шылтоо, далил. *Ал өз оюнун тууралыгын далилдөөчү мотивдерди келтирди* («Агым»). 2. Сюжетке каармандардын кандайдыр бир иш-аракеттерди аткарышынын себептери, ошол ишти аткарууга түрткү берген психологиялык жагдайлар. 3. Адабий чыгармалардагы негизги идеяны жана теманы толуктоочу кошумча идеялар жана темалар. 4. *муз.* Бир логикалык акцентке (үнгө) бириккен, экиүч үндөн турган күүнүн бир бирдигин түзгөн жөнөкөй ыргактуулук.

**МОТИВАЦИЯ** Бир нерсенин пайдасы үчүн аргументтердин, далилдердин системасы (топтому).

**МОТИВДӨӨ** *адаб.* Жазуучу каармандардын иш-аракеттерин, чыгармадагы негизги окуялардын натыйжасын көрсөтүү үчүн башка иш-аракеттерди, окуяларды психологиялык жактан ишенимдүү сүрөттөө процесси, эволюциялык абал.

**МОТОР** Кандай гана энергиянын түрү болбосун, аны механикалык энергияга айландыруучу машина, кыймылдаткыч. – *Бирдеме күрүлдөйбү? – Машинанын мотору го?* (Жантөшев). *Экскаватордун мотору күрүлдөп иштеп жатты* (Сасыкбаев).

**МОТОРЧУ** Моторду тейлөөчү жумушчу.

**МОТОЦИКЛ** Көбүнчө эки дөңгөлөктүү велосипед турпатындагы ичинен күйүүчү кыймылдаткыч менен жүрүүчү унаа. *Биздин айылда бир гана кишинин мотоцикли бар эле* («Ала-Тоо»).

**МОТОЦИКЛИСТ** Мотоцикл минип жүрүүчү, мотоциклди айдай билген киши.

**МОТУРАЙ** Болугураак, мойтойгон көрүнүштө болуу. *Мотурайган кара тоголок үч жашар Тагай ыйлап олтуруптур* («Ала-Тоо»).

**МОТУРАҢ:** **мотураң-мотураң** Монтойгон, мотурайган көрүнүштөгү кыймыл-аракетти көрсөтүү үчүн колдонулат.

**МОТУРАНДА** Мотураң-мотураң эткен көрүнүштө кыймылдоо, басуу. *Ал мотураңдап окуп жүрөт* («Жаш ленинчи»). *Мотураңдап мектебинде жүргөндө, Толкунданам кубангандан балдарга* (Осмонкул).

**МОХ** Нымдуу жерге, жыгачка, ташка жайыла каптай чыгуучу тамырсыз, гүлсүз өсүмдүк.

**МОЮЛ I** Башында сабак-сабак болуп чыккан жыттуу гүлү бар бадал өсүмдүгү. *Токойдогу моюлдар куду ак сирень өңдүү чыгат* (Саспаев).

**МОЮЛ II** Жоон, уюлгуй чыккан бутак.

**МОЮН** 1. Денени, тула бойду баш менен бириктирип турган бөлүгү. *Кара моюн ак эчки Эркелетти эгизди* (Токомбаев). *Кишимжан укурук моюн калем каш, Кундузга окшош олоң чач* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Идиштердин ооз жагына жакын ичкерээк келген жери. *Кумгандын моюну.*

**МОЮН АЛЫШУУ** Абдан таттуу болуу, аябай ынтымактуу болуу. *Мурда моюн алышып жашаган Насыр менен Күлүмдөй жубайлар жок сыяктуу көрүнөр эле* («Ала-Тоо»).

**МОЮН БЕРБӨӨ** Баш ийбөө, макул болбоо, жеңилбөө, көнүл бөлбөө, мойнуна албоо. *Ажике жеңем жакшы эле моюн бербей күйөөсү кармаган жеңин жулуп алып Мунабияны көздөй тап коеюн дегичекти Мунабия аны кыжаалат бир карап алгандай болду* (Акматов). *Мурун эле ушул сыяктуу оорунун белгилери белгилүү болгонуна моюн бербей жүрө берген* (Бердикеев). *Айткан эмесмин деп моюн бербей жүрөт* (Сыдыкбеков).

**МОЮН СУНУУ** Айтканына, койгон талабына макул болуу, баш ийүү, көнүү, каршылык көрсөтпөө. *Жүйөлүү жоопко Бакы моюн сунат* (Осмоналиев). *Иштен баш тартуу кылмыш катары кабыл алынаарына ишенген Осмонкул бара-бара моюн сунуп калды* (Өгөбаев). *Он жылдык өмүрү бир күндө өтүп кеткендей карылыкка ошол күнү моюн сунду* (Кушбаков). *Кыскасы сүйүү – зор үмүт, моюн сундум* (Жантөшев).

**МОЮН ТАПТЫК КЫЛУУ** Баш ие бербөө, айтканына көнбөй, моюн сунбай коюу. *Айтор, ага Иманов моюн таптык кылып, мүмкүнчүлүк бербей жүргөндөй* (Бейшеналиев).

**МОЮН ТОЛГОО** Тил албоо, кежирлик кылып бир нерседен баш тартуу, аткаргысы келбөө. *Сагын моюн толгоп койгону менен бүгүн кузгундан эрте турду* (Осмоналиев). *Алар тиги Кары Тукумдарын, андагы Чонор Баатырын бел тутуп, моюн толгошуп жатышат ко* (Көчкөнов). *Абышка дагы эле моюн толгойт* (Медетов). *Анда кедей болбоду, Болбой мойнун толгоду* (Токтогул).

**МОЮНГА АЛУУ** 1. Айыбын, кылган күнөөсүн, жаңылыштыгын танбоо, ырастыгына макул болуу, болгону чын деп айтуу. *Эмесе, Кара-Суунун казан башында турган шеф-поварлары боткону тузун саал өткөрүп жиберишкенин моюнга алуу керек* («Чалкан»). *Ыйлаак кемчилигин мойнуна алды* (Байтемиров). *Айтолкунда чындыкты моюнга алуудан башка арга жок* (Каимов). 2. Милдетин алуу, аткарууга милдеттүү болуу. *Кыштын катуу чилдесинде өтө кыйындыкты, оордукту моюнга алып, мал багып, мал өстүрүп жаткан эмгек баатырларына мен ызаат менен карайм* (Баялинов). *Мамырды жүйөөгө келтирүү милдетин да Алтын мойнуна алды* (Байтемиров).

**МОЮНГА ТҮШҮҮ** 1. Төлөмөр болуп калуу. *Мойнуна акча түшүрүү.* 2. Жүктөлүү.

*Эми атам өлгөндө тиричиликтин бардык түйшүгү өз мойнума түштү (*Абдукаримов).

**МОЮНДА** 1. Түйшүктү, ишти мойнуна алуу, өзүн жоопту деп табуу. *Ал эл түйшүгүн моюндап атка мингенден тартып мындан кыйын канча жоопту иштерди бүтүрдү* (Наматбаев). *Бирок эскерип коюш тирүүлөрдүн моюнундагы парс экен* (Жакиев). 2. Күнөөнү мойнуна алуу. *Ал айыбын моюндабай койду* («Ала-Тоо»). 3. **ат моюндан:** атын моюнга чаап (макул эместигин, каршылыгын билдирүү). *Атын моюндан тескери бастырып кетти.*

**МОЮНДАШ** Бирин бири моюндан кучактоо, кучакташуу. *Эч болбосо жаңсап койчу жарыгым, Косектердей моюндаша калайын* (Токомбаев).

**МОЮНТУРУК** 1. Өгүздүн мойнуна салынуучу жыгач каамыт. *Эки өгүздү моюнтуруктарынан чыгарып отко айдап жиберишиптир* (Сасыкбаев). 2. *диал.* Моюнча жип. *Торпоктун моюнтуругун кайта ала кел.*

**МОЮНУ ЖАР БЕРБӨӨ** Иштегиси келбөө, көңүлү келбөө, ышынчаактык кылуу. *Дөңгөчтү жарууга сенден башка кишинин моюну жар бербей жүрдү эле, деди Карыпка* (Абдукаримов).

**МОЮНУНА** *же* **МОЙНУНА МИНҮҮ** Толук бийлөө, бийлик кылуу. *Ачуусу келгенде күйөөсүнүн мойнуна аялы минип алат* (Сыдыкбеков).

**МОЮНУНА СОРПО ТӨГҮЛҮҮ** Айласы кетип, шору катып калуу, башына кыйынчылык түшүү.

**МОЮНЧА** 1. Сүт эмбей калган бир жаштан эки жашка караган музоо, торпок. *Ири бодолордон туура ону моюнча торпокко айланып, үчөөнө акты жазылды го...* (Сыдыкбеков). *Береги эки улактуу эчкини, бир козу менен моюнчаны алып тур* (Жантөшев). 2. Музоонун мойнуна тагылган жип. *Кызыл музоо кемерчеден чыгарда Жылдызкан жетип, моюнчасынан кармады* (Байтемиров). *Мукаш музоосун желеден бошотуп, моюнчасын түрүп жатты* («Жаш ленинчи»).

**МОЮТ** Өлүм, каза, өлүк. *Моютка келген эл толду, Кен, Ташкендин талаага* (Манас).

**МӨБҮРӨ** *диал.* **небире** менен бирдей.

**МӨГДӨ** 1. Көп жүрүп, чарчап баса албай калуу, күчтөн тайып алсыроо. *Ак тулпар мөгдөп кар болот, Ардактап аны бакпаса* (Бөкөнбаев). 2. Алдан-күчтөн таюу, мүңкүрөө, мууну кетүү. *Баласы өлүп, ата-энеси мөгдөп калды* (Абдукаимов).

**МӨГДӨӨ** **мөгдө** этишинин кыймыл аточу.

**МӨГДӨТ** **мөгдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨГДҮКТӨӨ** Чарчоо, үргүлөө, мөгдүрлөө.

**МӨГӨ** **мөмө** менен бирдей. *Жыгачка мөгө бүткөн сайын салбырайт.*

**МӨГӨДӨЙ САЛБЫРОО** Абдан сурануу, аябай өтүнүү. *Мөгөдөй салбырап алдыңа келип отурам, эмне кылсаң, өзүң бил* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Мөгөдөй ийилүү.** *Сайра жалынып-жалбарып, мөгөдөй ийилип жанында турат* (Сыдыкбеков).

**МӨКҮ** Булгаарыдан, же кайыштан бүйрүй жасалган жеңил бут кийим. *Сол жактагы даекчи турган топтон узун бойлуу, кара лампук тик жака кемселине күмүш кемер курчанган, саймалуу чалбарынын багалеги булгары мөксүн жаба суусар тебетейин кырданта кийген Ниязбектин кенже уулу Түлкү аксакалдардын алдына келип, тизелей бүгүлүп салам берди* (Токтоналиев). *Бутунда мөкү кийген аксакал абышка* (Жантөшев).

**МӨЛ I** 1. Тунук, кирсиз; жаркыраган көк кашка. *Мөл туз. Кааласам оргуп аскадан Мөл булак болуп ойносом (Токомбаев). Күү чалат мөл булак тоолорго, Куду окшоп аппак манчаңа* (Кулумбаев). 2. *өт.* Куулукшумдугу, арамдыгы жок, ниети калыс. *Мөл жигит.*

**МӨЛ II** Ным, кургак эмес. *Мөл отун.*

**МӨЛМӨЛ** Мөлтүрөгөн таза, татынакай деген мааниде аял затына кайрылууда колдонулат. *Жаш кезекте кошулган, Жайма көкүл мөлмөлүм* (фольк).

**МӨЛМҮЛДӨ** Мөлт-мөлт этүү, мөлтүрөө. *Сымапты төгүп жаткандай, Мөлмүлдөйт тери куланып* (Токомбаев).

**МӨЛМҮЛДӨӨ** **мөлмүлдө** этишинин кыймыл аточу.

**МӨЛМҮЛДӨТ** **мөлмүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨЛТ: мөлт этүү** *же* **мөлт-мөлт этүү** Тунук, мөлтүлдөгөн тамчы сыяктуу көрүнүштө болуу. *Уркуянын көз жаштары мөлт-мөлт этип бурчактайт* (Байтемиров). *Кез-кез аттын кулагынын түбүнөн мөлт-мөлт этип тери тоголонот* (Сыдыкбеков). *Бул саамда дапдаяр турдум мен, Сен үчүн мөлт эрип кетүүгө* (Ибраев).

**МӨЛТҮЛДӨ** Суюктук, тунук нерсе жылтылдап көрүнүү, чагылышуу. *Мөлтүлдөйт кыз балдардын шурусу* (Осмонкул). *Мөлтүлдөп тамчылады көздөн жашы* (Маликов).

**МӨЛТҮЛДӨК** Мөлтүрөгөн, тунук. *Мөлтүлдөк булак.*

**МӨЛТҮЛДӨӨ** **мөлтүлдө** этишинин кыймыл аточу.

**МӨЛТҮЛДӨТ** **мөлтүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨЛТҮР** Таза, тунук, көк кашка, мөлтүрөгөн. *Жусуп көбүктөнгөн мөлтүр сууну, чайыттай ачык асман жээгиндеги чокуларды көргөндө чарчаганын унутту* (Абдумомунов).

**МӨЛТҮРӨ** 1. Мөлт-мөлт этүү, тунук көрүнүү. *Сууларыңдын баары тунук мөлтүрөп* (Акиев). 2. *өт.* Сулуу, татынакай көрүнүү. *Мөлтүрөгөн сулуу кыз. Мөлтүрөгөн ке-*

*линчек.* 3. Ыйлаактап калуу. *Басалбай жүрдү тентиреп, Балтыры шишип мөлтүрөп* (Тоголок Молдо).

**МӨЛТҮРӨК** *диал.* Өсүмдүктүн аты. *Мөлтүрөктү тамыры менен жулушту.*

**МӨЛТҮРӨӨ мөлтүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**МӨЛТҮРӨТ мөлтүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨЛЧӨМ мөлчөр** менен бирдей.

**МӨЛЧӨР** Белгилүү бир чек. *Дүрбү Күүгүмдөнүп жакшы көрүнбөгөн соң Мукай айнегин ак оромолу менен сүртүп, бургусун бурап мөлчөрүнө келтирген* (Таштемиров).

**МӨМӨ** Кээ бир бак-дарактардын же бадал өсүмдүктөрүнүн ширелүү жемиши. *Алма, дарак кулпуруп, Башында мөмө байлаган* (Осмонкул).

**МӨМӨЛӨ** Мөмө байлоо, мөмө түйүү. *Бак көгөрсүн, калың мөмөлөсүн!* (Сыдыкбеков). *Алманын башына жалгыз алма мөмөлөп, абышка аны жеп жашарат* («Жомоктор»).

**МӨМӨЛӨӨ мөмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**МӨМӨЛӨТ мөмөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨМӨЛҮҮ** Мөмөсү бар, мөмө байлоочу. *Короону мөмөлүү дарактарга, нечен сонун гүлдөргө толтурдум* (Абдукаримов). *Мөмөлүү дарак бышкан сайын ийилчээк болот* (макал).

**МӨНДӨЛӨЙ** *диал.* Чычкандын баласы. *Самандын арасында мөндөлөй бар экен.*

**МӨНДҮР** Кичине тоголок муз түрүндө жааган жаан-чачындын бир түрү. *Туш-тушка түшүп мунарык, Бөксөгө мөндүр дыбырайт* («Эр Төштүк»). *А бош калган чакаңа, мөндүр өңдүү жаап жатты данектер* (Муканов).

**МӨНДҮРЛӨ** Мөндүр жаап кирүү, мөндүр түшүү. *Мөндүрлөп жааган жаан. Мөндүрлөп жааган жаан айыл чарба иштерине залакасын тийгизбей койбойт («Кыргыз Туусу»).*

**МӨҢГҮ** Көп жылдар тоо чокуларынан кетпеген кар, муз. *Алайдын түбөлүккө кетпеген мөңгүлөрү күндүн нуруна чагылышат* (Абдукаримов). *Мөңгүлөр да аза күтүп шылкыйып, Тоолор болсо үшкүрүнөт, тымпыйып* (Акматалиев). *Ак карлуу мөңгү кетпеген, Ала-Тоом сенсиң жетпеген* («Казыбек»).

**МӨҢГҮЛӨН** Мөңгү басуу, мөңгү менен капталуу. *Бир гана аскалуу тоо мөңгүлөнүп, Козголбой баскансыйт көңүл бөлүп* (Токомбаев).

**МӨҢГҮЛҮҮ** Мөңгү менен капталган, мөңгүсү бар. *Ак мөңгүлүү кыргыз Ала-Тоосунан ондогон чоң жана майда суулар агып түшөт* (Абдумомунов).

**МӨҢГҮРӨ** Өңгүрөп мөөрө. *Шаарда үй жайылып жүрөр эле, Мөңгүрөп жер челишип убап-чубап* (Шүкүрбеков).

**МӨҢКҮ** 1. Туйлоо, секирүү. *Өрүш алып жайылса, Кулун тайлар мөңкүгөн* (Тоголок Молдо). *Чочулаган кашаң карагер кош аяктап, тоңко-баш атып мөңкүдү* (Байтемиров). 2. *өт.* Жакын жолотпоо, жуутпоо, чычалоо.

**МӨҢКҮМӨ** *диал.* Мөңкүй берген адаты бар мал, жан. *Жылкынын да мөңкүмөсү, адамдын да мөңкүмөсү болот.*

**МӨҢКҮТ мөңкү** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨҢКҮҮ мөңкү** этишинин кыймыл атоочу.

**МӨҢКҮЧҮКТӨ мөңкү** менен бирдей.

**МӨӨ** Уйдун мөөрөп үн чыгаргандагы дабышын билдирүү үчүн колдонулат. *Уйдун тили жалгыз тил, «Мөө» деп гана үн берет* (Осмонов).

**МӨӨН** Ичке ичегинин карын жагындагы учу туюк жоон бөлүгү. *Апама бир мөөн май куйдуруп берем* (Бейшеналиев).

**МӨӨНӨ** *диал.* **өөнө** менен бирдей. *Бирөөнүн эмгегинен мөөнөп тапкан акчаң эпчилдикке эч жатпайт!*

**МӨӨНӨТ** Белгиленген убакыт, белгилүү бир убакытты көрсөткөн мезгил аралыгы. *Өнөр жайы жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундады. Тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде эл, жер таанылгыс болуп өзгөрдү.*

**МӨӨНӨТСҮЗ** Белгилүү бир мөөнөт белгиленбеген, убактысы чектелбеген. *Мөөнөтсүз паспорт.*

**МӨӨНӨТТҮҮ** Белгилүү бир мөөнөт белгиленген, белгилүү бир мөөнөттө ишке ашырыла турган. *Эсепчилерди даярдоо үчүн кыска мөөнөттүү курс ачылат* (Сыдыкбеков).

**МӨӨР** 1. Жазуусу бар белги, шакек. *Таңдайында мөөрү бар, тамагында сөөлү бар* («Манас»). *Атаң экөөң кат жаздың, Ага кошуп мөөр бастың* («Эр Табылды»). 2. Бетинде оюп жазылган жазуу бар. Бир нерсени ырастоо, күбөлөндүрүү үчүн басылуучу мамлекеттик, менчик мекемелердин белгиси. *Тек жайы кедей-батырак деп мөөрүн баскан үчөөндө тең айылдык советтин справкалары бар* (Сыдыкбеков). 3. Мөөрдүн кагазга түшкөн белгиси. *Мүнөздөмөңдүн акырында мөөр барбы? Мөөрүн баскан катына, Кокон менен жоолашып* («Калмырза»).

**МӨӨРӨ** Уйлардын үн чыгаруусу, өңгүрөө. *Мөөрөгөн уйлардын, маараган койлордун үндөрү да угулду* (Баялинов).

**МӨӨРӨЙ мөрөй** менен бирдей.

**МӨӨРӨӨ мөөрө** этишинин кыймыл атоочу.

**МӨӨРӨП КЕТҮҮ** Текке кетүү, бошко кетүү. *Баса, Омор айткандай, биздин өмүр мөөрөп кеткен экен го!..* (Сыдыкбеков).

**МӨӨРӨТ мөөрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МӨӨСҮЛ I** 1. Бириккен, байланышкан. 2. *өт. диал.* Байланыш, алака. *Башкаларга*

*мөөсүл болуунун кажети не? Мен жөн жүргөндү жакшы көрөм* (Абдырахманов).

**МӨӨСҮЛ II** *тар.* 1. Алык-салык жыйноочу адам. *Күндөрдүн бири болгондо, Мөөсүл келди жериме* («Манас»). 2. Уруу башчыларынын же бийлик башында тургандардын жигити. 3. Хандын, уруу башчысынын же кол башчынын үлүшүнө бөлүнүүчү олжо. *Мөөсүлүнө Кочкордун бир миң жылкы бер деди* (Тоголок Молдо). 4. Жортуулдан, чаап алуудан түшкөн олждон ага катышпагандар да ала турган үлүш. *Мөөсүл деп олжо алмакка Далай эл келген Талакка (*«Тайлак баатыр»). *Мөөсүлүнө он казак түшкөн олжо, Берген экен ошондо* («Эл адабияты»). *Олжо бөлүштөн өзүнө тийген мөө-сүлдү колунда жок курбуларына бөлүштүрүп берген имиш* (Токтоналиев).

**МӨӨСҮЛДҮК** *эск.* Хан, феодал же согуш башчыларынын согушта табылган олжонун бир бөлүгүнө болгон укугу. *Ошолордон көп алтын мөөсүлдүккө алгыдай* (фольк.).

**МӨРӨЙ** 1. Жарышта, мелдеште уткандык, жеңишке ээ болгондук. *– Кечириңиз, Жапар ага! Мөрөй сиздики, биз жеңилдик,– деди келиндер* (Баялинов). 2. Байге. *Дегениме көн Төштүк, Жети мөрөй белгилейм, Ошону кылып бер Төштүк* («Эр Төштүк»). *Улуу элдик кайратыңды көрсөтүп, Ушул жолку зор мөрөйдү уткула* (Осмонкул).

**МӨРӨЙЛӨШ** Байгени коюп мелдешүү, жарышуу. *Мөрөйлөшүп күлүк чап.*

**МӨРӨЙЛҮҮ** Мөрөй коюлган. *Чоң мөрөйлүү милдет. Мөрөй алган. Мөрөйлүү болду.*

**МӨРӨЙҮ ҮСТӨМДӨӨ** Жеңишке ээ болуу, көтөрүлө түшүү. *Бу саам Касымбек ага кошула ээрчигендери мөрөйү үстөмөндөй көтөрүлдү* (Бейшеналиев). *Калпа мөрөйү үстөмдөгөнүн түйдүра болуш агасына компойду* (Бейшеналиев). *Ал улуктарына жакшы көрүнүүгө шыйпаңдап мөрөйү үстөмдөгөндөй мактанган түрү бар* (Бейшеналиев).

**МӨРӨЙЧҮ** *сейр.* Дайыма мөрөй алып жүргөн же мөрөй алууга аракеттенген адам, мөрөй алуу үчүн мелдешке катышуучу. *Мөрөйчүлөр так ошондой суранган* (Токомбаев). *к.:* **жеңүүчү.**

**МӨРТ** Ыңгайлуу, оңтойлуу шарт, маал. *Мөртүн келтирип капталдан кол салышты* («Ала-Тоо»). *Айта турган сөзүнүн мөртүн таап, ичиндеги болгон бугун чыгарып алды* («Ала-Тоо»).

**МӨРТӨЙ: мөртөй-шөртөй** Сапаты начар, эптеп-септеп, араң эле, иши кылып.

**МӨТҮРӨЙ** Бөйтөйгөн, татынакай сулуу көрүнүштө болуу. *Назгүл мөтүрөйүп уяң кирпигин кыбыңдатты* (Бейшеналиев).

**МӨШКӨӨ** *диал.* 1. Ачытылган камырдан бышырылган жукараак нан. *Мөшкөө нан.* 2. Маңкүшүрөөк, аңкоо. *Мөшкөө киши.*

**МӨШКӨӨЛҮК** Аңкоолук, маңкөштүк.

**МРАМОР** Көбүнчө архитектура менен скульптура жумуштарында колдонулуучу ар кандай түстөгү кристаллдуу таш, тоо теги. *Метронун жалаң мрамордон кыйып, таңдайлаштырып жасаган дубалдарында бир да чаң, пыр жок* (Байтемиров).

**МУЗОО** Уй, топоз жана маралдын жаш төлү. *Кеп музоо эмизет, музоо таяк жегизет* (макал). *Будурда бугу маарашат, Музоосу басса жарашат* (Осмонкул). *Музоо муз жалайт, торпок тоз жалайт* (макал).

**МУЗООЛО** Уйдун музоо тууганы. *Жаман уй жарда музоолойт* (макал). *Күрөң уй музоолоду.*

**МУЗООЛОО музооло** этишинин кыймыл атоочу.

**МУЗООЛУУ** Музоосу бар, музоосун ээрчиткен. *Музоолуу уй.*

**МУБА мубаа** менен бирдей. *1917-жылы чоң ачарчылыкта элди муба каптап, көптөрдү мойсоп кетет* (Жантөшев).

**МУБАА** Оору, чума. *Мубаа тийгенби буларга, – деген ой келди Шабданга»* (Касымбеков).

**МУБАКҮЛ** Күч, сыр. *Душманын кудай берген соң, Тура турган Манаспы? Мубакүлдүү найзаны Булгап колго алганы* («Манас») *Чоң бакшы анын үстүнө жинмакүлдөрүн чакырган бойдон чамынып кирип барат* (Жигитов).

**МУБАКҮЛДҮҮ** Касиеттүү, сырдуу. *Мубакүл найза салайын* («Манас» С.О.). *Мубакүлдүү сыр найза* («Манас»).

**МУБАРЕК** 1. Ыйык, жаркын, касиеттүү. 2. Кут болсун, бактылуу болсун, куттуктоо, кут болсун айтуу. *Кадамың – деп, мубарек* («Манас» С.О.). *Мубарек болсун кызыл туу, элибиздин сыймыгы* (Шамей Токтобай уулу).

**МУБАХ** *дин.* Уруксат кылган, шарыят боюнча иштесе күнөө болбой турган иш.

**МУВАРЕК мубарек** менен бирдей. *Аалынын алы эмне болот деп, Муварек көздөрүнөн акты жашы* («Эл адабияты»).

**МУГАЛИМ** Окутуучу, тарбиячы кандайдыр бир окуу предметинен мектепте сабак берген адис. *Жаңы заман балдарын Машыктырган мугалим, Караңгыны билимге, Сүйрөп чыккан мугалим* (Бөкөнбаев).

**МУГАЛИМДИК** Мугалимдин кызматы, кесиби. *Жапар мурун мугалимдик да кылган* (Баялинов).

**МУГАМЫР** 1. Улгайып калган адамдар, картаң кишилер. *Мугамыр өскөн Кедеңбай, Булутка тийген нурадай* («Эл адабияты»). *Арыктын алды-үстүндөгү чөбүн бир мугамыр алда качан чалгылап кырып чаап алган экен* (Касымбеков). 2. *өт.* Тыкан, бышык. 3. *өт.* Амалдуу, кекселик.

**МУДАА мүдөө** менен бирдей. *Мудааны билген бар чыгаар, Муундар келип жарыкка* («Эл адабияты»). *Кары-жаш, калың элжуртум, Кандырып айтаар мудаам бар* («Эл адабияты»).

**МУДААЛАП** Атайлап көңүл бөлүп. *Мудаалап аркан түйдүргөн Торлору бар калмактын* («Эл адабияты»). *Төкөй деген арыкчырай, кийим кечесин мудаалап таза кийип жүргөн абышка* (Айтматов).

**МУДАР** 1. Тарп, өлөксө. 2. Арам, булганыч, ыпылас. *Мурунтадан ойлобой, Мудар болдук канча жан* («Манас»).

**МУДАРИС** 1. *тар.* Жогорку мусулман мектебинин мугалими. *Болот миңбашынын эки жагынан ... мударистер орун алышты. Ошол замат эле молдолор, имамдар, мударистер, өзүнүн жан-жөкөрлөрү элдин арасына таралды (*Абдукаримов). *Бир мударис чоң молдону падыша чакырып алып: «Мына бул менин баламды окутасың, эгерде жакшы окутпасаң, башыңды алдырамын,– деп мектепке берди* (Кедейкан). 2. *өт.* Китепкөй, окууну жакшы көргөн. – *Оо мударис, китебиңди коюп жарыкта кыймылда* (Матисаков).

**МУЖТАХИД** Курандын маанисин, Мухаммед пайгамбардын хадисин чечмелей билген, өзүнчө шарыятка жобо кошо алган дин окумуштуусу. Имам Аъзам, Имам Шаафи сыяктуулар. *Асир деп айтылады ар жүз жылга, Коркунуч бенделерге болор шондо. Осылай мужтахиддер айтып кеткен, Укмак бар ак буйругун туткан кулга* (Тагай, 1916-ж.). *Сөз жалга календер өткөн кылымдардан, мужтахиддерден маани айтты* (Касымбеков).

**МУЗ ЖҮРӨК** Мээримсиз, таш боор.

**МУЗ МЕНЕН ТАШ** Абдан муздак, аябай муздак, тонуп калган. *И-й, колуң муз менен таш болуп калган тура* (Байтемиров). *Таң атканча бөлмөнүн ичи муз менен таш болуп калган* («Ала-Too»).

**МУЗ МУРУТ** *аңч.* Көңөсүнөн муруту кайчылашып чыгып турууучу бүркүттүн эң кыраан, алгыр түрү. *Муз мурут бүркут алыпмын, Колума алтын боосу бар* («Манас» С.О.). *Муз муруттай кымпыйып, даңкы таш жарып, шоораты далайга жете баштаганына дердейип калбады* (Субанбеков).

**МУЗ** Тонуп калган суу. *Кар боройлоп кыш да келди ышкырып, Суу да тоңду, көк жылгаяк муз туруп* (Үмөталиев). *Бирде жасап кардын, муздун аскасын, Бирде жасап көркөм шаар капкасын* (Султанов).

**МУЗА** 1. Байыркы грек мифологиясындагы илимди, искусствону жана поэзияны колдоочу тогуз кудайдын бири. 2. Поэтикалык көңүл эргүүнүн булагы. *Муза менен дүнүйөгө, Чын берилгем, табынгам* (Сажи). *Өзүң ырчы болбогон соң, музага жете албайсың тулпар минип чапсаң да.*

**МУЗАВРАТ** *дин.* Жардам, коргоочу, таяныч, кеңеш. *Ушул күн бизге теңдик берген күнү, Музаврат барыбызга келген түнү, Жарыкка жаңы чыгып караңгыдан, Ким болсо өз абалын сүргөн күнү* (Тоголок Молдо).

**МУЗАПАТ** *диал.* Өлкө, бир акимге караштуу жер.

**МУЗДА** 1. Сууп калуу, муздак болуп калуу. *Сакадайдын кайнаткан чайы алда качан муздаган* (Жантөшев). 2. Үшүү, үшүп кетүү. 3. Тонуу, тонуп калуу, муз болуп катуу. *Арык-чөнөктөрдө суулар муздап, балдарга эрмек болду* (Абдукаримов). 4. *өт.* Көңүлү сууй түшүү, көңүлү кайтуу, *Мурунку курут үчүн ысыган боюм суу сепкендей муздады* (Жантөшев).

**МУЗДАК** 1. Температурасы төмөн, бир аз суук, шыргалаң. *Муздак булак. Муздак суу. Муздак аба.* 2. Салкын. *Барганда көңүл сергиткен Баш жагы муздак төр эле* (Токтогул). 3. Сууп калган, сууган, муздап калган. *Муздак чай. Муздак эт. Муздак тамак.*

**МУЗДАТ** **музда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУЗДАТКЫЧ** 1. Үй шартында, ашканаларда ж.б. азык-түлүктү бузулуп кетүүдөн сактап, муздак же тоңдурулган абалда кармоо үчүн ылайыкталган тиричилик буюму. *Этти, сүттү муздаткычта сактоо. «Саратов 2» муздаткычы.* 2. Төмөндөтүлгөн температура сакталуучу атайын жасалга, жай. *Эт комбинатынын муздаткычы.*

**МУЗДОО** **музда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУЗЕЙ** Искусство чыгармаларын, тарыхый, техникалык, илимий-табигый экспонаттарды ж.б. жыйып жана сактоочу, аларды элдин көрүүсүнө коюучу мекеме. *Сүрөт искусствосунун музейи. Тарых музейи. Зоология музейи.*

**МУЗОО БАШ** Денеси жөргөмүш түспөлүндөгү уулуу, чагып алуучу курт-кумурсканын бир түрү.

**МУЗОО КИРПИК** Узун, коюу кирпик.

**МУЗОО ТИШ** Кайыш өрүмдүн бир түрү. *Музоо тиш болуп өрүлгөн камчы.*

**МУЗООСУНДА СҮЗДҮРҮҮ** Жаш кезинен, башынан эле моюн сунуп, баш ийип калуу, коркуп жалтак болуп калуу, бел алдырып коюу. *Бардыгы тең музоосунда сүздүргөн акмактар да* (Жантөшев). *Музоосунда сүздүрүп койгон эл колун куушуруп, коюн жетелеп, алдынан тосуп чыкты* («Ак Мөөр»). *Музоосунда сүздүргөн шоркелдейлер да* (Бейшеналиев).

**МУЗООЧУ** Музоо баккан киши, музоо багуучу.

**МУЗЫКА** 1. Адамдын ички сезимдерин жана ойлорун ыргактуу доош, обон менен берүүчү искусство тармагы жана ошол искусствонун чыгармасы. *Классикалык музыка.* 2. Чыгармалардын музыкалык аспаптарда аткарылышы. *Музыка менен бийлөө. Делебени козгоп, шаар багынын музыкасы ойнолду* (Баялинов).

**МУЗЫКАЛАШТЫР** Музыкага салуу.

**МУЗЫКАЛУУ** 1. Кулакка угумдуу, угулушу жагымдуу. *Музыкалуу үн.* 2. Музыкасы бар. *Музыкалуу драма.*

**МУЗЫКАЛЫК музыкага** таандык.

**МУЗЫКАНТ** 1. Музыка жагынан адис. 2. Музыкалык аспапта ойноочу киши.

**МУЙРУ**: **ийри-муйру** менен бирдей.

**МУЙРУЙ мыйрый** менен бирдей. *Муйруйган чыбык.*

**МУЙТУ** Чүкө черткенде нукуй алганда ж.б. колу тайып кетүү, мүчүп калуу.

**МУЙТУЙ** Кыскаруу, кыска болуу, кыска көрүнүштө болуу (мис., кол).

**МУЙТУК** Муйтуйган, кыска, чолок (көбүнчө кол жөнүндө).

**МУКАБА** Китепти каптаган тышы, сырты. *Калың мукаба. Жаман урунгандыктан китептин мукабасы тытылган* (Таштемиров).

**МУКАБАЛА** Мукаба менен сырттоо, мукаба тыштоо.

**МУКАБАЛАТ мукабала** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУКАБАЛАШ мукабала** этишинин кош мамилеси.

**МУКАБАЛОО мукабала** этишинин кыймыл атоочу.

**МУКАБАЛУУ** Мукабасы бар, мукаба капталган. *Булгаары мукабалуу китеп.*

**МУКАБАТ** *туурасы:* **махабат.**

**МУКАДДАМА** *эск.* Башталгыч, алгачкы. *Билбеди фан илимди баары наадан, Фалсафа, хикметлерден кабары жок, Аз билген мукаддама бахеслардeн* (Тагай, 1916-ж.).

**МУКАДДАС** Ыйык, касиеттүү. *Мукаддас жайларга барып зыярат кыламын деп, илгери карыган адамдар Мекеге кете турган.*

**МУКАДЫР** Жакын, ынак. *Мен бардым деп кайгырба, Мукадырлар жаткан жер* («Эл адабияты»).

**МУКАКТА мукактан** менен бирдей.

**МУКАКТАН** Сөз айтайын деп айта албай токтоп калуу, шар сүйлөп кете албоо. *Бала Дүйшөнкулдун суроосуна жооп бере албастан мукактанды* (Бөкөнбаев). *Каныбек андан ары эмне деп айтарын билбей мукактана түштү* (Жантөшев).

**МУКАКТАНТ мукактан** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУКАКТАНУУ мукактан** этишинин кыймыл атоочу.

**МУКАМ** Кулакка жагымдуу, уккулуктуу ритм. *Мукам-мукам сайраса, Булбулдун көркү үнүндө* (Токтогул). *Торгойдун мукам үнү угулат* («Ала-Тоо»).

**МУКАМДУУ** Кулакка жагымдуу, кубулжуган, кайрыгы уккулуктуу. *Комуздун үнү безеленип мукамдуу чыкты* («Ала-Тоо»).

**МУКАРАП** *дин.* Жакын, ынак, өзгөчө ишенимдүү (көбүнчө Аллага эң жакын турган төрт периштеге карата айтылат: Азирейил, Жебирейил, Мекейил, Ысырапил). *Жаратып жана мукарап* («Манас» С.О.). *Кудай тааланын Азирейил, Жебирейил, Мекейил, Ысырафил деген төрт мукарап периштеси бар экендиги жөнүндө молдо узак кеп салды.*

**МУКЛУС** Чыныгы берилген, жаны бирге, айтканынан чыкпаган. *Тайды жеген эшендер, Койду жеген эшендер, Кудайына жазат дейт. Куйругун тосуп көтөрүп, Мурут менен муклуска. Кара кашка кунажын болуп качат дейт* (Токтогул). *Мукулусу болот муруттун, Жааны болот булуттун* (Эл ырлары).

**МУКМИН** *дин.* 1. Сопу, такыба, дин жолунан чыкпаган, дин ишенимине абдан берилген адам. *Беш убак намазыңды, отуз ооз орозонуката кетирбейсиң. Акырет камын ойлогон мусулман мукминсиң (А. Убукеев).* 2. Жоош, арамы жок.

**МУКТАЖ** 1. Зарыл керек, абдан керек, зарыл. *Азыр ким эле керекечке муктаж болуп турат дейсиң ?* (Абдукеримов). *Муктажмын перзент балага* (Токтогул). *Өз кесибибиздин эрежесине конок болушубуз муктаж* (Сасыкбаев).

**МУКТАЖДЫК** Зарылдык, зарыл керектик, муктаж болуучулук. *Балким бир муктаждыгың бар чыгар* (Каимов). *Кошоматчы менен калпычынын жардамына муктаж эмесмин деп Шамбет кагып койду* («Ала-Тоо»).

**МУКТАРАМ** Урматтуу, кадырлуу. *Муктарам атама! – деп катын жаза баштаган эле* («Ала-Тоо»).

**МУКТАСАР** Мусулмандардын шарыятты талкуулаган китеби. *Сиз эмне билесиз, мен муктасар окугам, Чалакем да ушундай деген,– деп апырта сүйлөп жиберди* (Токомбаев).

**МУКУЛ мукур** менен бирдей.

**МУКУМ** 1. Бек, чың, мыкты, түбөлүктүү, дайым. *Өлбө мукум калууга* («Манас» С.О.). *Аттан! дегенде түп көтөрө аттана бере турган кылып, тартипти мукумдаш зарыл, жигиттер кимдин үнүн тыңшасын* (Касымбеков). *Мектептин деректири менен мукум сүйлөшүп келдим. Уулуңузду бүгүн апкелиңиз деп калды* (Мавлянов). 2. Макулдук, убада, сүйлөшүп алуу.

**МУКУР** 1. Жешилип, сүрүлүп түгөнгөн, кыскарган, кыска. *Такаларынын эмчектери мукур болуп түгөнүп калды* (Сыдыкбеков). *Калканбай мукур тишин кычырата чайнады* (Бейшеналиев). 2. Токол. *Мукур эчки.*

**МУКУРА** Бир нерсе жетишпей, кемчил болуп жүдөө, абдан кыйналуу, айласы кетүү. *Үйдөгүлөр азык-түлүгү түгөнүп, оокаттан аябай мукурады* (Абдукаримов).

**МУКУРАЙ** Жешилип, сүрүлүп түгөнүү, кыскаруу, мукур абалга жетүү. *Мукурайган көсөө.*

**МУКУРАЙТ мукурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУЛАЙЫМ мунайым** менен бирдей.

**МУЛАТ** Ар башка улуттан төрөлгөн, апчын.

**МУЛЖУЙ** Сакал-муруту жок көрүнүштө болуу, дүмүрөйгөн көрүнүштө болуу. *Сакал-муруту жок мулжуйган абышка. Түгөл мулжуюп манжаларынан айрылган сундуйган бутун суна берди* (Бейшеналиев). *Үйдүн айланасында мулжуйган тыт жыгачтары турат* («САЖИ»).

**МУЛЖУҢ: мулжуң-мулжуң** Таарынган же ачуусуна тийген адамдын жүзүнө карабай дугдуңдаган моюн бербегендей мүнөздү, кыймыл аракетти, көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат.

**МУЛЖУҢДА** Мулжуң-мулжуң этүү, мулжуң-мулжуң эткен көрүнүштө болуу. «*Жок сөздү коюңузчу», – деди абышка мулжуңдап* («Чалкан»). *Андрей майды кайра кемпирге берди эле, ал мулжуңдап таарына баштады* (Байтемиров).

**МУЛЖУҢДОО мулжуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУЛТУЙ** Мулжуйган, дүмүрөйгөн, кичине чети чыгып, көрүнүп турган көрүнүштө болуу. *Карыганда мултуюп, сакалың кана?* («Эр Төштүк»). *Торунун жал-куйругу мултуйган* (Жантөшев).

**МУЛТУК** Дүмүрү, түбү калган, мултуйган.

**МУЛТУҢ: мултуң-мултуң** Мултуйган көрүнүштөгү, мисалы, колдун кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат.

**МУЛТУҢДА** Мултуң-мултуң этүү.

**МУЛТУҢДОО мултуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУЛУЙ** 1. Сакал-муруту, мүйүзү жок көрүнүштө болуу; дүмүрөйгөн көрүнүштө болуу. 2. Унчукпай кылтыйган көрүнүштө болуу, өзүнчө бир нерсеге муюгандай кебетеде болуу. *Ээрдин кашын каккылап, Турган кези мулуюп* («Манас»).

**МУЛУК** Дүмбөсү гана бар, түбү гана калган. *Ал Көчөрбайдын тубаса бир кулагы мулук болгон* (Тоголок Молдо).

**МУЛУКТУК** Мулук болгондук. *Күрөң үйдүн мулуктугунан байлоо түйүштөнтөт.*

**МУЛУҢ: мулуң-мулуң** Мулуйган кебетеде кудуңдаган көрүнүштө, кыймыл аракетте болгондугун билдирүү үчүн колдонулат.

**МУЛУҢДА** Мулуң-мулуң этүү, мулуң-мулуң эткен көрүнүштө болуу; кудуңдоо. *Көкө эрдигине чын эле делдее түшүп, анан мулуңдап күлүп койду* (Касымбеков). *Келем да! – деди Дөөлөт мулуңдап. – Келип эле жүрбөдүм беле!..* (Усубалиев).

**МУЛУҢДОО мулуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУЛЬТИ** Кыймыл-аракеттин көп кайталангандыгын же нерселердин көптүгүн билдирген татаал сөздүн бөлүгү. Мультивитамин. Мультимиллионер.

**МУЛЬТИК** Мультипликациялык фильм.

**МУЛЬТИМЕДИА** *инф.* Текст, түс, график, анимация, аудио жана видео элементтери бириктирилип пайдаланылган көрсөтүүлөр, колдонмолор программалык жабдуулар.

**МУЛЬТИМИЛЛИОНЕР** Миллиондогон байлыктын ээси.

**МУЛЬТИПЛИКАТОР** 1. *физ.* Күчү начар токту магнит жебесинин жардамы менен өлчөөчү аспап. 2. Фото, кино бир эле нерсенин сүрөтүн бирден көп кылып түшүрүп алуучу көп объективдүү камера. 3. Мультипликация жагында иштөөчү адам.

**МУЛЬТИПЛИКАЦИЯ** 1. *кино.* Куурчактан же сүрөттөрдөн кино-сүрөт түшүрүү. Тартылган сүрөттү же куурчакты үзгүлтүксүз кыймылга келтирип, ырааты менен киного тартуу. 2. Жогорку жол менен түшүрүлгөн кинофильм.

**МУЛЬТФИЛЬМ** Мультипликация ыкмасы менен тартылган фильм.

**МУЛЯЖ** 1. Момдон, гипстен, парафинден жасалган бир нерсенин өзүн, формасын, көлөмүн берген модель, көчүрмө. Окутууда көрсөтмө курал катары жана о.э. витринаны, музейде экспозицияны ж.б. жасалгалоодо колдонулат. 2. *сур.* Айкелчилик өнөрүнө байланыштуу мааниде натурадан алынган жана анын аткарылыш ыкмасын көрсөткөн, чапталып жасалган көчүрмөнү түшүндүргөн термин.

**МУМ** 1. Тоодон табылуучу сагыз сыяктуу парафин. 2. *өт.* Бал аарынын уюгунун кабы.

**МУМИЁ** Асканын жаракаларында пайда болуучу, элдик медицинада сөөктүн сыныгын дарылоо үчүн колдонулуучу чайыр түрүндөгү зат.

**МУМИЯ** 1. Бузулуп чирип кетүүдөн сактап, дары-дармектер менен катырылган адамдын же айбандын жасаты. 2. *өт.* Эң эле арык, кургап-катып калгансыган киши. 3. Түрдүү түстөгү (ачык кызылдан кызгылтым күрөңгө чейинки) порошок түрүндөгү минерал боёгу.

**МУНАВАРА** (Мадина Мунавара) Ыйык жер. *Турган жерим Медина мунавара Сурасаң, Менин атым аалы Айдар* («Эл адабияты»).

**МУНАЖАТ** Өтүнүч, сураныч, жалынгандык. *Баатырдын зайбы Каныкей, Калк атасы Кошойго Турган экен жүгүнүп, Мунажаты кудайга Мурун небак жетиптир* (Манас). *Мунажат кылам Кудайга, Муңканып турам бул жайда* («Эл адабияты»).

**МУНАЗА** 1. Бир пикирге, ынтымакка келген бүтүм, келишим. *Ант урган бузук Бөкөйдөн, Башкача болсо муназаң* (Саринжи-Бөкөй). *Сабыр кыл, ачууланбай коё тур, бир муназага келели. Муназага келейин, Мынча саза кылдыңар, Ак сакалдар укчудан Аз-маз айтып берейин* (Эл ырлары.

2. Таза, айыпсыз, чыныгы. *Мусапыр болгон адамга, Муназалуу чын жакшы. Жыгаччы болгон адамга, Чыныгы асыл сыр жакшы* (Жантөшев). *Дөөтү атабыз соккон бараңды, Элиңиз сизге муназа кылат. Журт атасы деп сизге сунат* (Садыбакасов). 3. Тартипке салынган, жолго коюлган, уюштурулган. ... *табияттын кушу, багы, чөбү, кайберени, жарыгы, айы менен муназага түшүп ошолордун бириндей сезесиң өзүңдү* (Жусупов).

**МУНАЗАРА** *адаб.* Чыгыш адабиятындагы жанр. Кара сөздө да, ырда да учурайт. Бири-бирине көз карашы, түшүнүгү, туткан идеясы карама-каршы турган эки тараптын талаш-тартыштары чагылдырылган чыгармалар.

**МУНАПЫЗ** 1. Соттолгон адамдардын күнөөсүн жеңилдетүү же толук кечүү үчүн бийликтин жогорку өкүлү тарабынан болгон ырайым, кечирим, амнистия. 2. Жеңилдик, кечүү, кечирим берүү.

**МУНАПЫК** Эки жүздүү, арам ойлуу, арамзаа.

**МУНАПЫС мунапыз** менен бирдей. *Өткөн жылы биз да Казакстанды ээрчип, капиталга мунапыс жарыялаган элек. Казакстанда мунапыс эки жолу жүргүзүлдү жана биринчисинде акча каражаттарына тийиштүү болсо, экинчисинде мүлккө тийиштүү болду* («Кыргыз Туусу»).

**МУНАР I мунара** менен бирдей.

**МУНАР II** Күңүрт, бозомук тарткан аба, мунарык. *Кыштак үстүн көгүлтүр мунар каптаган* (Абдумомунов).

**МУНАР III** Көзгө даана, ачык көрүнбөө, боз түшкөндөй тунарган көрүнүштөгү абадагы түс. *Тоолор мунарат.*

**МУНАРА** Баш жагы кууш келген, бийик салынган курулуш, бурана. *Жетип келип конушту, Мунаранын жанына. Мунарага ал чыгып, Мунарган жакка көз салды. Өзгөн шаарынын ортосунда мунара турат* (Жантөшев). *Мунарада бакырат, Короз сымал сопусу* («Калмырза»).

**МУНАРДАН** Мунар басуу, мунарыктоо, боз түшүп, боз каптап, тумандап көзгө ачык көрүнбөгөн абалда болуу. *Күн мунарданып турат.*

**МУНАРДАНУУ мунардан** этишинин кыймыл атоочу.

**МУНАРЛАН мунардан** менен бирдей.

**МУНАРЫК** Боз, айлана ачык болбой мунар басып, бозоруп турган абал. *Төмөн жакты мунарык басып турат* (Таштемиров).

**МУНАРЫКТА** 1. Боз түшүү, мунарык тартуу, мунарлануу. *Чүйдүн кең талаасы мунарыктап боз түшүп калды* (Таштемиров). *Асман ачык болсо да мунарыктап боз түшүп, үрчүктагы бийик чокуга туман айланган* (Сыдыкбеков). 2. Көз тунаруу, көрүнбөй калуу. *Омор көзү мунарыктай түшкөнчө бак арасын карады* (Сыдыкбеков). *Ачык асман болор-болбос жарыктан, көгүлтүр тоо мунарыктайт алыстап* (Султанов). *Мунарыктап көз көрбөй, Буйругу экен кудаанын* («Казыбек»).

**МУНАРЫКТАТ мунарыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУНАРЫКТОО мунарыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**МУНАРЫКТУУ** Мунарык баскан, мунарыктаган. *Мунарыктуу талаа.*

**МУНАРЫҢКЫ** 1. Кичине туман тартып турган абал. 2. *өт.* Кайгылуу, көңүлү чөгүңкү.

**МУНАСА муназа** менен бирдей. *Аны менен мунасам келишпеди.*

**МУНАСИП** Ылайыктуу, туура келүүчү.

**МУНДИР** Аскердик же граждандык форма, кийим.

**МУНЖУ** Колунан же бутунан, же колубуттарынан ажыраган майып киши. *Буту жокко бут киргизип улашты, Мунжулардын маңдайынан сылашты* (Калык).

**МУНИЦИПАЛДЫК муниципалитетке** таандык. *Кыргызстан жана Япония Өкмөтүнүн ортосундагы макулдашууга ылайык иштеп жаткан долбоор боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди Японияга окууга жиберүү ишке ашып жатат* («Кыргыз Туусу»). *Муниципалдык «Тазалык» ишканасы, мекемелери бир айлык мөөнөттө транспорт жолун, тротуарларды куруу жана оңдоо, жашылдандыруу боюнча жумуштарды жүргүзөт* («Кыргыз Туусу»).

**МУНИЦИПАЛИТЕТ** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы. Анын тутумуна тургундар тарабынан түзүлгөн жергиликтүү кеңештер, анын аткаруу-тескөө органдары, аймактык өз алдынча башкаруунун коомдук органдары, ошондой эле жарандар жыйыны менен чогулуштары кирет. *Жогорку Кеңештин төрагасы Түрк тилдүү мамлекеттердин муниципалитеттеринин ассоциация өкүлдөрү менен жолугушту* («Кыргыз Туусу»).

**МУНУ** Бул деген шилтеме ат атоочтун табыш жөндөмөсүндөгү формасы. *Муну башкарып бараткан шофёр эмеспи, көрбөйсүзбү* (Сыдыкбеков). *Мен муну токтомго чие кетишин талап кылам!* (Сыдыкбеков).

**МУНУ КАРА!** *же* **муну карасаң!** Бирөөнүн туура эмес иштерин, тескери кылыктарын ж.б. жактырбоо, ага карата терс мамилесин билдирүү иретинде колдонулат.

**МУҢ I** Зээн кейиткен оор кайгы, капа, күйүт сезими. *Кыргыздын өткөн күнү муң менен зар. Бул күнгө теңей турган эмнеси бар* (Үмөталиев). *Муңдуу бир энең башында, Мынчалык мүшкүл күн калды* («Казыбек»). *Кулуңмун – кайгысы көп, – муңсуз Теңир, Кулуңдун күнөөлөрүн өзүң кечир!* (Баласагын).

**МУҢ II** Чарчоо, чаалыгуу, талыгуу, тажоо. *Канча жумуш болсо да бир муңуп койбойт. Айтты-койду дээрсиң, бул өтүктү он жыл муңбай киесиң* («Ала-Тоо»).

**МУҢАЙ** Мунаюу, капалуу көрүнүштө болуу. *Сайра муңайып Батийнанын саамайын сылады* (Сыдыкбеков). *Башынан актан күйгөмүн, Капа болом муңайып* («Казыбек»).

**МУҢАЙТ муңай** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУҢАЙЫМ** 1. Назик, сыпаа, жагымдуу. *Таттуу сөзүң муңайым, Элге жаккан Токтогул* (Барпы). 2. Токтоо, оор басырыктуу мүнөз. 3. Кайгылуу, капалуу, мундуу, убайымдуу.

**МУҢАЙЫНКЫ** Капалуу, муңайым тарткан, убайымдуу. *Кызынын саал муңайынкы кабагынан анын кечке өксүгөнүн көрөт* (Сыдыкбеков).

**МУҢДАН** Кайгы тартуу, кайгы-муң басуу, башына убайымдуу санаа түшүү. *Жесир болуп жашыңдан, Кайгылуу болдуң муңданган* («Олжобай менен Кишимжан»).

**МУҢДАНТ муңдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУҢДАНУУ муңдан** этишинин кыймыл атоочу.

**МУҢДАШ** Кайгы-зарын бирге бөлүшкөн сырдаш, кайгы-муну бирге. *Айлаш катын – муңдаш* (макал).

**МУҢДУК** Кайгы-капага батуучулук, муңкануучулук.

**МУҢДУУ** Кайгылуу, капалуу. *Жомогу анын кайгылуу да, муңдуу да, Коңур чыккан добушундай сырдуу да* (Султанов). *Муңдуу жүргөн адамга мукамдуу айткан ыр жакшы* (макал).

**МУҢКАН** Кайгыруу, капалануу, мундуу үн чыгаруу. *Алымкул эне-атасы, кызы, сүйгөн жары жөнүндө айтып муңканат* (Абдукаримов).

**МУҢКАНТ муңкан** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУҢКАНУУ муңкан** этишинин кыймыл атоочу.

**МУҢКУРА** *диал.* Абдан кыйын оор абалда калуу.

**МУПТУ муфтий** менен бирдей. *Казы, мупту, Жүз башы, бийлер, жүргүлө* (Токтогул). *Казы менен муптусун, Калкы сөзүн укчусун* («Манас» С.О.).

**МУР: кер-мур к. Кер.**

**МУРАА I мурат** менен бирдей.

**МУРАА II мурас** менен бирдей.

**МУРАББА** *адаб.* Чыгыш поэзиясындагы төрт саптан туруп, а-а-а-б, б-б-б-а, в-в-в-а, г-г-г-а тибинде уйкашкан ыр формасы.

**МУРАД мурат** менен бирдей.

**МУРАЖААТ** Кайрылуу, элге кайрылуу (1920-жылдардагы документтерде колдонулган).

**МУРАКЫР** 1. Ат багуучулардын башчысы, акыр башы. 2. *өт.* Ат багуучу, атчы.

**МУРАП** Сугат сууну бөлүштүрүп берип туруучу адам, көк башы, суу башы. *Мураптар арык улаган, Дыйкандар келип сураган* (Барпы).

**МУРАПЫ** 1. Мурас, ата-бабадан калган энчи. 2. *өт.* Тукум, өлгөн адамдын артында калган уулу, мураскору. *Мурапыны өлтүрүп, Мурдар кул түпкө жетти* («Манас» С.О.).

**МУРАС** 1. Ээси өлгөндөн кийин балага, бирөөгө калган мал-мүлк, дүнүйө, оокат. *Мурас кылып бир-бирине беришти, Наадандарга карматпады өз мүлктү* (Баласагын). *Акимдигиң – ата мурасың деп мени кайсы жарга түрттү а? Сыймык кушум качканда, чебим менен элимдин ортосу чарт жарылганда «жылдыздан төмөн түш, тизеле» деп алтын таягыңды булгалайсың. Алтын таянып не мураска жеттик* (Садыбакасов). 2. Өткөн муундан урпактарга калган осуят, насаат сөз, көркөм сөз чыгармалары.

**МУРАСКОР** Ээси өлгөндөн кийин анын калган мал-мүлкүн, дүнүйөсүн ээлөөгө укугу бар адам.

**МУРАСЧЫ мураскор** менен бирдей.

**МУРАТ** Тилек, максат; ойлогон, самаган тилек. *Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес* (макал). *Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка* (макал).

**МУРДА** Оболу, мурун, илгери. *Мурда уккан жок беле, Менин Бөкөй деген даңкымды?* («Саринжи-Бөкөй»). *Мурда барган конуш алат. Кийин барган өрүш алат* (макал).

**МУРДАГЫ** Мындан мурда болгон, мындан мурунку, баштагы. *Гүлдөтүп айыл-кыштак, талааларды, Курабыз зор курулуш мурдагыдан* (Нуркамал). *Мурдаагы жылы жааган кар малчыларга бир топ түйшүктөрдү туудурган эле* («Кыргызстан маданияты»). *Мен мурдагы айыптарым үчүн колхоздон эң оор жумуш сурайымын* (Каимов).

**МУРДАКЫ мурдагы** менен бирдей.

**МУРДАР** 1. Арам, булганыч, ыпылас. 2. Тарп, өлөксө. *Мурунтадан ойлонбойт, Мурдар болдук канча жан* («Манас»). 3. Бузук, өлүксүз ж.б. маанилеринде кемсинтип тилдөөдө да колдонула берет. *Мурдар шайтан каапыры* («Манас» С.О.).

**МУРДАРЧЫЛЫК** Нааданчылык, түшүнбөстүк, билимсиздик, билбестик. *Мурдарчылык кылыптыр* («Манас» С.О.).

**МУРДАТАН** Башынан, көптөн бери.

**МУРДУ БАЛТА КЕСПӨӨ** *к.* **мурдун балта кеспөө.**

**МУРДУ БҮТҮҮ** 1. Суук тийүүдөн, аллергия ж.б. себептерден улам дем алуу жолдорунун жабылып калышы, дем алуунун кыйындашы. 2. *өт.* Бир нерсеге абдан карк болуу, ашып-ташкан кененчиликте болуу, абдан туйтунуу. *Акча жагынан мурдуң бүттү го?*

**МУРДУ ДЕРДЕЙЕ ТҮШҮҮ** Мактануу, өзүн сыймыктуу сезүү, кубануу. *Чын эле Сабырдын мурду дердее түштү* (Жусупов).

**МУРДУ МЕНЕН БИР ТИЙҮҮ** Корс эткен, орой мамиле кылуу, кимдир бирөөгө катуу айтып чогоолдук жасоо, корстук кылуу. *Кайнап-кайнап отуруп эле мурдум менен бир тийгенимди билип калам. Бакырчаактын күүлөнүп келип мага мурду менен бир тийгени ошол экен* (Жигитов). *Жар түбүндө тепселип жаткан буурасын көрүп, Казангаптын жанына баткан экен, мурду менен Эдигейге бир тийди* (Айтматов). **В.: Тумшугу менен бир тийүү.** *Өзү да айтып күлөт: «тумшугум менен бир тиймемди салыптырмын», – деп* (Абдукаимов).

**МУРДУ САЛАҢДОО** Жакындоо, чукулдоо. *Кар түшпөгөнү болбосо, кыштын мурду салаңдап турат* (Ш.Үмөталиев).

**МУРДУМДУ ТУУРА КЕСИП БЕРЕЙИН** Бул чындык, ошондой болоруна шек жок, сөзсүз боло турган нерсе, толук ишеничтүү деген сыяктуу ишендирүү, ынандыруу маанисинде колдонулат. *Кал десе мурдумду туура кесип берейин* («Чалкан»). *Кайра келбесе, мурдумду туура кесип берейин* («Ала-Тоо»). *Эгер сенден режиссёр чыкса, мурдумду туура кесип берейин* (Борбиев).

**МУРДУН БАЛТА КЕСПӨӨ** Кенебөө, тоготпоо, камаарап койбоо, капарына албоо, көңүл бурбоо. *Мурдубузду балта кеспейт, кайгы-капа менен жумушубуз жок* (Убукеев). *Ушуну курап алса болду, көйнөгү жок тери тонун жалаң этине кийип жүрсө мейли мурдун балта кеспей, кымыз уулап, жаңжал издеп, кутуруп чаап жүрмөй* (Касымбеков). **В.: Мурду балта кеспөө.** *Бактыгулдун мурду балта кеспейт, магдыраган уйкуда* (Сыдыкбеков). *Алапайдын мурду балта кеспейт, үзөңгүгө бутун салып, аттанмакчы болгондо жаны кашайган Исмадияр оодара тартып, жакадан алды* (Саатов).

**МУРДУН ЖАРУУ** Кандайдыр бир нерсенин жыты мурунга катуу таасир берүү, катуу жыттануу. *Биз үйгө киргенде чыгдан жактан ышталган саба менен ууз кымыздын жыты мурдубузду жарды* («Кыргызстан маданияты»). *Тер жыттанган үйдүн ичи таза абадан киргендердин мурдун жарып жиберди* (Абдукаимов). **В.: Мурунду жаруу.** *Сабыр кара чатырга келгенде балыктын сүрсүгөн жыты мурунду жарды* (Жусупов).

**МУРДУН КӨТӨРҮҮ** Кекирейүү, менменсинүү, көпкөлөң тартып чиренген абалда болуу. *Жаман киши ошондой, бат эле жакшылыкты унутуп, мурдун көтөрүп калат* (Абдукаримов). *Анысын Жакиш сезбейт экен мурдун көтөрүп* (Бердикеев). *Жанакы Ишемби деген неме кийинки күндөрдө мурдун көтөрүп эле жаман болуп кетти* (Кыдырмышев). **В.: Мурун көтөрүү.** *Ыгы жок мурун көтөргөндүн кереги эмне* (Жантөшев).

**МУРДУН ТАРТА АЛБАГАН** 1. Али жаш, кагыла элек, турмуштун өйдө-ылдыйын биле элек, тажрыйбасыз. *Мурдун тарта албаган жаш балдар эмнеге түшүнсүн* («Ленинчил жаш»). 2. Үлдүрөгөн, ымтыраган, жүүнү бош. *Асанбек мурдун тарта албаган неме көрүнөт* («Ала-Тоо»). **В.: Мурдунун суусун тарта албаган.** *Тиги мурдунун суусун тарта албаган немелерден өйдө мүну окуп алышарын, анан тартынбай каалагандарын айта беришерин ойлоду* («Ала-Тоо»). *Асылкан кечээ эле мурдунун суусун тарта албай жүргөн неме эмес беле?* (Абдукаимов).

**МУРДУН ТЕШКЕН ТОРПОКТОЙ** Айткан-дегенинен чыкпай тургандай, оюу менен боло тургандай. *Бир айдын ичинде эле кыз Асектин башын айлантып, мурдун тешкен торпоктой жетелей баштады* (Борбиев).

**МУРДУН ЧҮЙРҮҮ** Жактырбоо, теңине албоо, теңсинбөө, тоотпоо, *Кесиптештеримдин бирөөн көрө албай, ичим күйөт, экинчилери жактырбай, мурдун чүйүрөт* (Борбиев). *Айтор, ал жай убакта эле көзү көргөндүн баарын жактырбай, мурдун чүйрүп жүргөнсүйт* (Жигитов).

**МУРДУНА СУУ ЖЕТҮҮ** *к.* **тумшугуна суу жетүү.**

**МУРДУНАН ЖЕТЕЛЕТҮҮ** Бирөөгө толук көз каранды болуу, баш ийүү, бирөөнүн айтканынан чыкпоо, өз алдынча боло албоо. *Анын эмнесине кайгырасың, өзүнүн жамандыгынан мурдунан жетелетип жүрөт* («Ала-Тоо»). *Өзгөчө өзү хан туруп Нүзүпкө мурдунан жетелетип калгандыгы үчүн эч кечире албады* (Касымбеков). *Карапайым койчулар көпту билет, ошондуктан Абылбек койчуларга мурдунан жетелетип жүрөт* (Жусупов).

**МУРДУНАН ЖЕТЕЛӨӨ** Бирөөнү өзүнүн таасирине багындырып, баш ийдирип алуу, көз каранды кылуу, айткан-дегенинен чыкпай турган кылып алуу. *Биринчиден, сени мурдуңан жетелебей өзү коркуп турсун* («Чалкан»).

**МУРДУНАН СЕМИРҮҮ** Көөп кетүү, бой көтөрүү, дердейип менменсинүү. *Аба, сиздин оң жагыңыздагы, кер мурут бизди тааныбай, мурдунан семириптир* («Чалкан»).

**МУРДУНАН СУУ АГУУ** Кыйналуу, азап чегүү. *Мурдунан суу аккан го, кыязы, бөлөк эл, бөтөн жерде* (Кушубеков).

**МУРДУНАН ЭШЕК КУРТУ ТҮШӨ ЭЛЕК** Эч жаманчылык, кыйынчылык көрө элек, курчтугу кайта элек. *Мурдунан эшек курту түшө элек манап намысына чыдабай болушка кордук көрсөтүшү да мүмкүн* (Каимов).

**МУРДУНАН ЭШЕК КУРТУН ТҮШҮРҮҮ** Турмуштун түйшүгүн кыйынчылыгын тарттырып же катуу айтып, уруп-согуп тартипке

чакырып коюу. *Шашпа, мурдуңан эшек куртуңду түшүргөндө түшүнөсүң* (Тойбаев).

**МУРДУНУН МАҢКАСЫН ААРЧЫЙ АЛБОО** Колунан эч нерсе келбөө, бар мүмкүнчүлүгүнөн ажыроо, эч нерсе кыла албай калуу. А *муногуң, андай болгондо мурдунан маңкасын аарчый албай калат* (Медетов). **В.: Мурдунун богун аарчый албоо.** – *Айтканың акылдуу кеп дечи, бирок балдарың али мурдунун богун аарчый албайт* (Айтматов).

**МУРДУНУН СУУСУН ТАРТА АЛБАГАН** *к.* **мурдун тарта албаган.**

**МУРЗА** *туурасы:* **мырза.**

**МУРСАЛ** Пайгамбар, кудайдын элчиси. *Алланын сөзүн ак айтып, Мурсалдар өткөн ааламдан* (Токтогул). *Нечен-нечен пайгамбар Мурсал келген дүнүйө* («Эл адабияты»).

**МУРСАТ** **бурсат** менен бирдей.

**МУРТАТ** 1. Өлүм, тарп, өлүмтүк. 2. Арам өлүү, тарп болуу. 3. Бузук, өлүксүз, арам. *Муртаттын кылган ишин – деп, Бузуп журттун ичин – деп* («Манас» С.О.).

**МУРУН I** Адамдардын, айбандардын тумшук жагындагы жыт сезүү, искөө органы. *Ууз кымыздын жыты, жакын отурган Элебестин мурдуна бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Ит мурдуна суу киргенде сүзөт* (макал). *Мурдумду тосуп тоонун закымына, Камчыны сермеп аттын такымына* (Кожомбердиев).

**МУРУН II** 1. Башта, өткөн учурда, илгери, мурда. *Бирок бул жөнүндө мен мурун такыр ойлогон эмесмин* (Жантөшев). *Мындай сонун теңчилик Кылымда мурун болбогон* (Жантөшев). 2. А дегенде, ириде, озунуп. *Чабал өрдөк мурун учат* (макал).

**МУРУН АЛДЫНАН** *к.* **мурун учунан.**

**МУРУН КӨТӨРҮҮ** *к.* **мурдун көтөрүү.**

**МУРУН УЧУНАН** Акырын, астыртан, жай гана, угулар-угулбас. *Анан дагы угулар-угулбас куду өзү менен сүйлөшүп жаткандай мурун учунан сүйлөнө кетчү* (Мырзаев). **В.: Мурун алдынан.** *Мурат ага тике карабай, мурун алдынан күңк этти* (Даникеев).

**МУРУНДАН** Кимдир бирөөнүн же айбанаттын мурду сыяктанып кетүү, окшоо. *Атасы мурундаган неме.* Мустафа *өйдө качкан элик мурунданат* (Сасыкбаев). *Бир аз жылуу бирдеме ууртаса эле ушинтип үй мурундаып мурдунун үстү тердеп чыгат.*

**МУРУНДУ ЖАРУУ** *к.* **мурдун жаруу.**

**МУРУНДУУ** 1. Мурду чоң. *Ат эриндүү келет, эр мурундуу келет* (макал). 2. Мурундун кандайдыр бир окшоштугун, сыпатын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Кыр мурундуу.*

**МУРУНКУ** Баштагы, мурдагы, өткөндөгү. *Эми Акман кепке аралашып, мурункуну жактап койду* (Сыдыкбеков).

**МУРУНТАДАН** **мурунтан** менен бирдей.

**МУРУНТАН** 1. Баштатан, мурдатан. *Мурунтан минбей чалгынга, Буулугуп калган чагы бар* («Манас»). 2. Алдын ала. *Кийимкечесин мурунтан эле куржунга салып, даярдап койгон экен* («Ала-Тоо»).

**МУРУНТУГУ БОШ** Токтоло элек жаш, үйлөнө элек деген мааниде. *Айтор, мурунтугу бош боз баштар мындай турушсун, эр ортону көк ала сакалдарга чейин тигил мактоону кулак түрүп угушат* (Сыдыкбеков).

**МУРУНТУК** Уйду жетелөө үчүн чүлүгүнө өткөрүлгөн жип. – *О..ой, Каным эже, сарала кунаажындын мурунтугун мүйүзүнө түрүп агытты* (Бейшеналиев). *Мурунтугун чубалтып, ээр токумчан бир таргыл өгүз суу ичип жатат* (Баялинов).

**МУРУНТУКТА** 1. Мурунтук тагуу, мурунтук байлоо. 2. *өт.* Бирөөнү өзүнүн ыгына көндүрүп, өз сөзүнөн чыкпай турган кылуу.

**МУРУНТУКТАЛ** **мурунтукта** этишинин туюк мамилеси.

**МУРУНТУКТАТ** **мурунтукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУРУНТУКТОО** **мурунтукта** этишинин кыймыл атоочу.

**МУРУТ I** **мурид** менен бирдей. *Күткөн сенин мурутуң* («Манас» С.О.). *Ажыдан кайтканда ак эшендин муруту Шадыбек калпа, Шадыбек ажы аталды* (Токомбаев). *Кала берген бириндеп, Мурут кылып кыйланы* («Эл адабияты»). *Далай эшендерге кол берген, мурут болгон* (Карачев).

**МУРУТ II** Үстүнкү эринге чыккан кыл. *Муратбек мурутун бир жанып алып, уулуна өз оюн айтты* (Сасыкбаев). *Кыроо түшүп кар басты, Кыл мурутум агарып* (Осмонкул).

**МУРУТТУУ** Муруту бар, мурут койгон. *Алдында барат Муратты коштоп, Сары муруттуу командир Попов* (Абдыраманов).

**МУРУТУН СЕРПҮҮ** Мурутун тегиздеп учтарын кыркуу.

**МУРУТУНАН ЖЫЛМАЮУ** Үн чыгарбай, болор-болбос күлүмсүрөп коюу. *Ал мурутунан жылмайып, эргип койду* (Бейшеналиев). *Карап алып, мурутунан жылмайып койду* (Бердикеев). **В.: мурутунан күлүү.** *Качканын көрүп Чубактын, Мурутунан күлдү эми* («Манас»).

**МУРУТЧАН** **муруттуу** менен бирдей. *Анын атасы бою узун, кара тору, мурутчан киши эле* («Ала-Тоо»).

**МУРЧ** 1. Тамак-ашка татымал катарында колдонулуучу тропикалык өсүмдүктүн тилди ачыштырып, дүүлүктүрүп жиберүүчү майда тоголок даны. *Мурч кошуп, чай кайнатып сыйлайт эрин* (Барпы). 2. *өт.* Жанга тийген, күйгүлтүктүү таамай айтылган курч сөз. *Тамашалап сүйлөсө, Ташый турган мурч эле* (Токомбаев). 3. *өт.* Курчтук,

кайрат, күч. *Шалдыратып денемди, мурчумду алдың карылык* (Эл ырлары).

**МУРЧА** Чоло, ара-чоло, бош убакыт. *Мурчам жок, бара албадым.*

**МУРЧУЙ** Тултуюп кабагын салуу, жактырбоо, көңүл бөлбөө. *Мурчуюп кабагын түйүп койду. Ыранжыган түс менен мурчуюп бир карап алды.*

**МУРЧУЙТ мурчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУРЧУҢДА** Тултундап жактырбаган мамиле жасоо, жактырбоо.

**МУРЧУҢДОО мурчуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУРЧУЮУ мурчуй** этишинин кыймыл атоочу.

**МУРШАП** 1. Түнкү кароолдун башчысы. 2. Желдет. *Кан төккүч муршаптарын көбүн кырып, Калганын байлаштырып колун бууп* («Эл адабияты»). *Бул сөзүңдү ит уксун, Ит укпаса, ким уксун, Кара бет сөздү койгун дейт. Муршаптарым турбастан, Абыке кулду сойгун дейт* («Манас»).

**МУСАДДАС** *адаб.* Чыгыш поэзиясындагы ар бир строфасы алты саптан турган ыр формасы.

**МУСАЛДА мусаллас** менен бирдей.

**МУСАЛЛАС** 1. *адаб.* Чыгыш адабиятында куплеттери үч саптан турган ырлар. 2. Жүзүмдөн колдо жасалган вино.

**МУСАММАН** *адаб.* Бир топ ыр формаларынын бир ырга биригиши.

**МУСАП** Ислам дининдеги бир тармак. *Иште бир кишиге мусап кылып, ошонун айтканы менен болгон жакшы.*

**МУСАП КЫЛУУ** Көңүл буруу, дитин коюу. **В.: Мусап тутуу.** Баш ийүү, бедел катары көрүү, айтканына макул болуу.

**МУСАП ТУТУУ** Баш ийүү, бедел катары көрүү, айтканына макул болуу. *Дегеле бул айылдагы жай ага-ини аны мусап кылып, андан акыл сурап, ага калыска түшүп, анын айтканына кошулат башынан* (Өмүрбаев). *Жалгыз агасыз мусап тутуп ошонун карамагында* («Ала-Тоо»).

**МУСААПЫР** Эл-жеринен азган, бечара, карып адам. *Кулак салбайт залимдер Мусапыр, муңдуу сөзүнө* (Токтогул). *Мусапыр болмок бир күндө, Мусулман болмок миң күндө* (макал). *Мусапырга кой союп, Койдун эти жетпеген* («Калмырза»).

**МУСААПЫРЧЫЛЫК** Эл-жеринен азгандык, бечаралык, карыптык, кембагалдык. *Мындай мусапырчылыкта өзбек, кыргыз деген болбойт, баарыбыз тең кембагал тугандарбыз* (Абдукаримов).

**МУСКАТ** 1. Жүзүмдүн бир сорту. *Мускат жыйноо. Ак мускат. Кызгылт мускат.* 2. Ушул жүзүмдөн жасалган винонун сорту. 3. Мускат жыгачынын жыттуу уругу.

**МУСЛИМ** Мусулман адам.

**МУСМАЛДАР** Буттары уйдун туяктарындай болгон чытырман токойдун арасын байырлаган байыркы уруулардын бири. *Миң-Суунун жышында жашаган мусмалдар менен кырчылдаша кармашып, колго түшкөн кишилердин этин жеген алардын далайын жексен кылган ким?* (Субанбеков).

**МУССАЛА** Мейиз менен жийдеден жасалган ичимдик.

**МУССОН** Жылдын мезгилине карата кышкысын кургактыктан деңизге, жайкысын деңизден кургактыкка карай согуучу шамал.

**МУСТАЙ** Сустайып, күлбөгөн, мисирейген көрүнүштө болуу, мостоюу. *Тартылып көз алдына күңүрт элес, Мустайып сабыры суз карайт кыздар* (Абдыраманов).

**МУСТАХАП** Ислам жобосунда: иштесе – дурус, иштебесе да боло турган, жол берилген иштер. *Эгер өлгөндү уккан адамдардын, жаки көргөн адамдардын даараты жок болсо, жаки зарыл жумуштары болсо, ал убакта, араларынан бирөөнү жаназага дайындап жиберсе да «уважим, мустакап» болот* (Жантөшев).

**МУСТАКЕМДЕ** Бекемдөө, мыктылоо, бышыктоо. *Жол-жол болгон алаганат жөргөмүш тыбырчылаган аарыга улам жүгүрүп барып, тору менен дагы ороп, биротоло мустакемдеп бышыктап жатты* (Абдыраманов).

**МУСТАФА** *дин.* 1. Тандалган, ылганып алынган, чыгаан (Мухаммед пайгамбардын гана сыпаты). *Мурутун буруп толгогон, Атаңды мустафалар колдогон. Сакалын буруп толгогон, Атаңды сахабалар колдогон* («Манас»).

**МУСТАР** Байкуш, мусапыр, бечара. *Куштарлыктан куйөмүн, Куп мустар болуп жүрөмүн* (Эл ырлары). *Эч жерде мустар болбойсуң, Бейчеки жолду баспасаң* (Санат).

**МУСТАРАП** Санаа, тынчы кеткендик, убайым, кынжылуу. *Эмнеси болсо да эми, балам, бизди мустарап кылбастан, мага бала, Саламатка ага болуп бер* (Мавлянов).

**МУСУЛМАН** Ислам динин туткан адам. *Койгун, төрөм, бул иштиДин мусулман бенденин, Тили келме келгендин. Уктап жаткан адамдын Эчтеме билбес жамандын Түшүнө кирбей куп иштир* («Эл адабияты»). *Мусулман болгон элибиз* («Манас» С.О.). *Камап койсо чыгарбай, Кантээр экен мусулман* («Казыбек»). *Кары барган Шабданга, Казак, кыргыз мусулман* («Калмырза»).

**МУСУЛМАНДЫК** Ислам динине туура келген, ага ылайык милдет, мамиле, жоруг-жосун. *Ушул да адамгерчиликке, мусулмандыкка жатабы* (Абдукаримов).

**МУСУЛМАНЧЫЛЫК мусулмандык** менен бирдей.

**МУСУРМАН** 1. **мусулман** менен бирдей. 2. *өт.* «жарыктык оой!», «коюнузчу!» деген маанидеги сырдык сөз. *Коюңузчу, мусурман,*

*жаш бала болуп кетесизби,– деп Бегайым ага тыюу салганы менен, андай учурун жактырат* (Мавлянов). – *Ой мусурман десе, көрмөксөн болуп койбойсузбу* (Абдыраманов).

**МУТАБАР** *диал.* Кадырлуу, сый, сыйга татыктуу, кадырман. *Мутабар киши.*

**МУТАНТ** Мутациянын натыйжасында тукум куугуч белгилери өзгөргөн организм.

**МУТАНТТАР** *биол.* Мутациянын натыйжасында жаралган организмдердин бирге жашоодо бири-биринен эриш-аркак пайда көрүүсү.

**МУТАЦИЯ** *биол.* Организмдин генетикалык материалдарында кайра түзүлүш жана бузулуштун натыйжасында организмдин тукум куучулук касиеттеринин өзгөрүшү.

**МУУЗДА** Тамагынын, мууздоонун астынан кекиртегин кесип союу, өлтүрүү. *Койчу текени мууздап жиберди* (Сасыкбаев).

**МУУЗДАЛ** **муузда** этишинин туюк мамилеси.

**МУУЗДАТ** **муузда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУУЗДАШ** **муузда** этишинин кош мамилеси.

**МУУЗДОО I** Мууздала турган жердеги кемирчек.

**МУУЗДОО II** **муузда** этишинин кыймыл атоочу.

**МУУН I** 1. Адамдын жана жаныбарлардын сөөктөрүнүн же кемирчектеринин кыймылга келип туруучу кошулган жери. *Айтуу колдорунун муундарын кырсылдатты* (Токомбаев). *Абышка муундарын калтырата... таягына сүйөнүп тура калды* (Жантөшев). 2. Каруу, күч, кубат. *Басайын десем муунум жок* (Токтогул). 3. *өт.* Кээ бир өсүмдүктөрдүн бөлүк-бөлүк болуп турган жери, муунактары. *Мууну болот жалбыздын, Муңу болот жалгыздын* (Токтогул). 4. Ата-бабанын укум-тукуму; жашташ адамдар, курбулар. *Жаш муундар. Баары тең кийинки муун* (Айтматов). *Уулу жоктун мууну жок* (макал). *К.Жантөшев сыяктуу улуу муундагы акын-жазуучулар менен жолугушууларды өткөрүштү* («Кыргыз Туусу»). 5. *грамм.* Сөздөгү бир ыргак менен айтылган бир же бир нече тыбыш. (мис., адам, билим). 6. *адаб.* Бир жолку дем чыгаруудан пайда болгон сөздөгү тыбыш же тыбыштардын бирикмеси. Ыр түзүлүшүндө муундар узун жана кыска, басымсыз жана басымдуу болот.

**МУУН II** 1. Тартылган жиптен, алкымдоодон ж.б. тамагы кысылып, кан жүрбөй, дем ала албай калуу. *Жемиш эмес мойнуна Кылтак түштү, мууңду* (Бөкөнбаев). *Муунуп өлдү.* 2. Дем кысылуу. *Батыш жашып кетти. Шилекейи алкымына кептелип, сөз айта албай муунду* (Байтемиров). *Жумагүлгө аба жетишпей муунуп баратат* (Байтемиров).

**МУУНА** Мал сойгондо анын жиликтерин, сөөктөрүн муунуна карай кесүү же муун-муунуна карай илиништирип ажыратуу.

**МУУНАК I** Муун-муун болуп бөлүнүп турган жер; муун-муун сыяктуу бөлүнгөн, муунакталган жер. *Муунак муунак өсүмдүк. Мамынын башкы муунагында жылкынын кылы менен байлап койгон булгаары бар* («Эр Табылды»). *Муунактаган мамы. Көп муунактуу өсүмдүк. Буттары муунактуу жаныбарлар.*

**МУУНАК II** 1. Мууну кетип, алсыроо, өз алдынча басып жүрүү кыйын болуп калуу, мууну кетүү. *Төшөктө жата берип муунагып калуу.* 2. Муунактап кесүү. *Жиликтерди муунактап коюу.*

**МУУНАКТА** Муунак кылып кесүү, муунак-муунак кылып илиништирип кесүү.

**МУУНАКТАЛ** **муунакта** этишинин туюк мамилеси.

**МУУНАКТАТ** **муунакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУУНАКТОО** **муунакта** этишинин кыймыл атоочу.

**МУУНАКТУУ** Муунак-муунагы бар, бир нече бөлүккө бөлгөн ортосунда тагы бар.

**МУУНАКЧА** Шакекче сыяктанган көрүнүштөгү муунак, кичирээк муунак.

**МУУНАЛ** **мууна** этишинин туюк мамилеси.

**МУУНАТ** **мууна** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУУНАШ** **мууна** этишинин кош мамилеси.

**МУУНДАН** Муунга кирүү, каруу-күчкө толуу, ал-дарманга кирүү, тыңуу.

**МУУНДУР** **муунт** менен бирдей.

**МУУНТ** **муун** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУУНУ БОШОО** Бирөөгө жаны ачып, боору ооруп кейүүдөн улам зээни кейип ыйлагысы келүү, кейиштүү абалга туш келүү, токтоно албай жашып кетүү. *Бирок душман жабалактап турганда, мууну бошоп, муңга батып кетчү эмес* (Бөкөнбаев). *Качыкенин өзү да буулугуп, бүткөн бою калтырак басып, мууну бошоп турду* (Сыдыкбеков). **В.: Муун-жүүнү бошоо.** *Алманбайдын муун-жүүнү бошоп кетти* (Сайдуллаев). *Эне сөзүнүн ушул жерине келгенде муун-жүүнү бошоп, тамагын ый буул калгансыды* (Медетов). *Сай-сөөктү сыздата сүйлөгөн Сайранын сөзү Бейшекенин да муун-жүүнүн бошотуп, зээнин кейитти* (Саатов).

**МУУНУ ЖОК** *сүйл.* Абдан ийилчээк, ийилгич. *Колдорунун мууну жок болсо керек* (Бөкөнбаев).

**МУУНУ КАЛТЫРОО** 1. Күчү кетүү, күч-кубаты кетип алсыроо, шайманы бошоо. *Анын мууну калтырап, кара тер басты.* 2. Коркуу, калтырап калуу, калтырак басуу. *Муну ойлосом, ушул күнгө чейин муунум*

*калтырайт* (Абдукаимов). **В.: Муун-муунуна тийбөө.** *Муун-муунума тийбей калтыроо менен: – Жакшы, – дедим* (Жантөшев).

**МУУНУ КАТУУ** Баралына жетүү, күч-кубаты толуу, эр жетүү, чоңоюу. *Букаранын тукуму мууну катып жетилди* (фольк.). **В.: Мууну бекүү.** *Мууну бекий элек жаш балдар.*

**МУУНУНА КИРҮҮ** Телчигүү, күч кирүү. *Келтенин каарынан кийин Оросул көпкө муунуна кире албай шалдырай түштү* (Осмоналиев).

**МУУНУУ муун** этишинин кыймыл атоочу.

**МУУНЧАК** 1. Көбүнчө өсүмдүктүн сабагындагы, бутакчаларындагы муун-муун болуп бөлүнүп турган муунагы. *Арпага окшош чыккан чөп экен, – деди Аскар – муунчактары да, өзөгү, да, көгү да кадим арпадай* (Сыдыкбеков). 2. Өз-өзүнчө түйүлгөн майда түйүнчөктөр. *Андрей дагы бир топ шахтерлор болуп, муунчак, түйүнчөктөрүн алып Кожентке барышты* (Сасыкбаев).

**МУУНЧУЛ-БАСЫМЧЫЛ ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб.* Ыр саптарындагы муун сандарынын бирдейлигине жана басымдын санына жана саптагы жайгашуусуна негизделген ыр системасы.

**МУУНЧУЛ ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб.* Ыргак түзүүнүн, б.а. ыр куруунун каражаты катары муун сандарынын бирдейлигинде негизделген ыр системасы.

**МУФТИЙ** *дин.* Мусулмандарда диний-укуктук маселелер боюнча чечим чыгарууга укуктуу дин адамы. *Кыргызстан Мусулмандар башкармалыгынын муфтийи Мураталы ажы. Бул кабыр таштарында өткөн доордогу көрүнүктүү илимпоздордун, аалымдардын, диний ишмерлердин, муфтийлердин, имамдардын... аты-жөнү, иштери жөнүндө маалыматтар жазылган* («Кыргыз Туусу»).

**МУФТИЯТ** Муфтий отурган, иштеген жер, кызмат. *Ажылык боюнча муфтияттын алдында республикалык штаб түзүлгөн* («Кыргыз Туусу»).

**МУХАММАС** *адаб.* Чыгыш поэзиясындагы куплеттери беш саптан турган ыр формасы.

**МУХИТ** 1. Курчап турган жаратылыш. 2. Океан, чоң деңиз. Өтө терең маанисинде да айтылат. *Себер мухит көлүндө* («Манас» С.О.). *Турналар көк мухитке киришип, кээде жабыла, кээде жалгыздап үн салып, канаттарынын учтарын гана эрине каккылап, каалгып сүзүп баратты* (Айтматов). *Тозокко сал – Кыйноосуна көнөйүн, Мухитке ыргыт – тереңине чөгөйүн* (Байзаков). *Турмуш, тагдыр деген нерсе мухиттеги жел кайык да!* (Абдукаримов). *Боз кыроо, түн ортосу, асман тунук, Толкунсуз жаткан сындуу мухит туруп* (Токомбаев).

**МУШ** Муштум. *Колуңда жарак болбосо, Душманды жыга албайсың муш менен* (Барпы). *Жаманга айткан насаат сөз, Жаакка тийген мушка тең* («Эл адабияты»).

**МУШ КЕТТИ** Эң мурда бирөө жанындагысын нукуп, муштап, ал жанындагысы болсо, мушту өзүнөн кийинкилерине өткөрүү жолу менен ойнолуучу оюн.

**МУШАИРА** *адаб.* Чыгыш акындарынын айтыш формасындагы мелдеши, ыр менен беттешүүлөрү.

**МУШТА** Муштуму менен уруу. *Чоң койчу салмактуу чоң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев). *Муштап кетсе желкеге, Муунум калат дабдырап* (Токтогул).

**МУШТАГЫЛА** Кайра-кайра муштум менен уруу. *Чучугуна жеткен сөздү укканда ачууга алдырып муштагылап жиберди* («Ала-Тоо»).

**МУШТАТ мушта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУШТАР** *туш.* Төбөлөштү жакшы көргөн адам.

**МУШТАШ I** Бирин-бири муштап, кол жумшап урушкан уруш.

**МУШТАШ II** Бирин-бири муштап, койгулашып урушуу. *Бети-башыңды жарып жиберейинби, эр болсоң мушташып көрчү* (Бөкөнбаев).

**МУШТАШТЫР мушташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУШТАШУУ мушташ** этишинин кыймыл атоочу.

**МУШТЕК** Көбүнчө алгыр куштарды куйрук жагынан канаттары менен куушура кармап, салууга, ыргытууга даярдоо абалы.

**МУШТЕКТЕ** Алгыр кушту муштек кылып ыргытууга камдануу.

**МУШТЕКТӨӨ муштекте** этишинин кыймыл атоочу.

**МУШТОО мушта** этишинин кыймыл атоочу.

**МУШТУ** 1. Урук, жандык пайда боло турган урук. 2. Укум-тукум, уруу, тукум. *Мени жети муштумдан эч нерсе калтырбай тилдесе болобу! Бизге берген дубаңыз, Жети мушту бабаңа* (Кылыч).

**МУШТУК муштек** менен бирдей.

**МУШТУМ** Колдун муштоого ылайыкталып манжалары жумулган абалы. *Ашыр түйүлгөн муштуму менен тизесин бир укуп, ичинен кекенди* (Сасыкбаев). *Сөз билбеген муштуму менен коркутат* (макал). *Муштум жүрөк эт болбосун бир үзүм, Бер, Жараткан, сокурлардын үмүтүн* (Ал. Токтомушев).

**МУШТУМДАЙ** 1. Кичинекей, кичирээк, анчалык чоң эмес, муштум сыяктуу. *Сен мага муштумдай эле көрүнөсүң* (Абдумомунов). *Муштумдай улак тиктеп турат* (Шүкүров). *Муштумдай этти сатып жейт,*

*Биринен-бири катып жейт* («Калмырза»). 2. Шишип чыккан абалды, томпойгон көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат. *Эки көзү муштумдай, капаланып алган* (Жантөшев).

**МУЮ** Макул болуу, айтканга көнүү, ошону орундуу көрүү.

**МУЮБАС** 1. Муюбаган, көңүлү уюбаган, айтканга оңой менен ишенбеген дилин бербеген, ынанбас. *Муюбас киши.* 2. Чыдамдуу, бекем, оңой менен тозбогон. *Муңайым жоош адамга Муюбас жаңы бөз жакшы* (Жантөшев).

**МУЮТ** **мую** этишинин аркылуу мамилеси.

**МУЮУ** **мую** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮДӨ** **мүдөө** менен бирдей.

**МҮДӨӨ** 1. Тилек, көздөгөн максат, энсеген ой. *Токтогул эмгекчи элдин мүдөөсүн, тилегин, оор турмушун ырдаган* («Советтик Кыргызстан»). 2. Каалоо, кызыкчылык. *Жүзөгө жет – мүдөөм кет* (макал). *Аман жүрсө бир чыны талканыңдын мүдөөсүнө чыкпайбы (Токомбаев). Эми бул маселени кеч болсо да тийиштүү органдар кайрадан карап чыгышып, биздин мүдөөбүздү чечип беришээр деген тилек. Эл мүдөөсү ушундай* («Кыргыз туусу»).

**МҮДҮР I** **бүдүр** менен бирдей.

**МҮДҮР II** *диал.* Башчы, башкаруу.

**МҮДҮРҮЛ** 1. Буту бир нерсеге тийип же чалынып жыгыла жаздоо, сүрүнүү. *Динардын оң бутуна чөп ороло түштү да, мүдүрүлүп кетти* (Сыдыкбеков). *Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт* (макал). 2. *өт.* Жаңылышуу, жолдон чыгып кетүү, жаңылыштык кетирүү.

**МҮДҮРҮЛТ** **мүдүрүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮДҮРҮЛҮҮ** **мудүрүл** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮЙҮЗ** Кээ бир айбандардын башына чыгуучу сөөк затынан турган катуу орган. *Уйдун мүйүзү. Текенин мүйүзү. Кулжанын мүйүзү. Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур* (лакап).

**МҮЙҮЗ АЯЗ** Темир аяздан басаңыраак, жумшагыраак суук.

**МҮЙҮЗ ОЮМУ** Оюнун бир түрү. *Канат чийди «Мүйүз оюму» менен бериш үчүн ар бир тал чийдин эсеби алдын ала такталат. Шырдактагы мүйүз оюм.*

**МҮЙҮЗ ТИЛЕЙМ ДЕП, КУЛАГЫНАН АЖЫРОО** Жок нерсеге жетем деп, колунда барынан ажыроо, куру калуу. *Мүйүз тилейбиз деп барып, кулагыбыздан ажырап калбайлы деп ойлодук* (Бөлөкбаев). **В.: Мүйүздүү болом деп, кулагынан ажыроо.** *Бир саатча мурда эле күндүздай кара, жарашыктуу таралган чачы болгонун, мүйүздүү болом деп, кулагынан ажырап калганын ойлоп, каңырыгы түтөп кетти* («Ала-Тоо»).

**МҮЙҮЗ УСТА** Малдын жана кайберендердин мүйүздөрүнөн ар кандай буюмдарды жасоочу чебер.

**МҮЙҮЗДҮҮ** Мүйүзү бар. *Алыбек чыгырык мүйүздүү, узун куйрук, чоң ак койду карап койду* (Жантөшев).

**МҮЙҮЗҮ ЧЫКПОО** Эч пайда таппоо, артыкча, өзгөчө болуп кетпөө. *Сараңдыктан деле мүйүзүбүз чыккан жок* (Каимов). *Жарым саат ашык уктап, мүйүзү чыкпады* («Советтик Кыргызстан»).

**МҮЙҮЗЧҮЛҮК** Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

**МҮЛГҮ** 1. **мүргү** менен бирдей. *Ал эриксиз ыксырап, кээде мүлгүп келе жаткан эле* (Токомбаев). 2. Жайкалуу, ыргалуу, теңселүү. *Ыксырап назик мүлгүгөн, Ыргалат эгин жеримден* (Токомбаев).

**МҮЛДӨ** Жалпы, бүткүл, такыр. *Тынчтык үчүн күрөш мүлдө адамзаттын улуу, ыйык иши* («Ала-Тоо»). *Мүлдө кыргыз жеринде Күлдүргүч сендей жок эле* (Осмонкул).

**МҮЛЖҮ** 1. Сөөктүн этин тиши менен же бычак менен тазалап жеп кажылоо. *Жигиттер өздөрүнүн үлүшүнө тийген сөөк-саакты мүлжүп жатышты* (Абдукаримов). *Айганыш макиси менен бир сөөктү ашыкпай мүлжүй берет* (Байтемиров). 2. Кажылоо, кажылап жеп кемирүү, кайсоо. *Оңбогон эчкилер көктөп турган көчөттү мүлжүп салышыптыр* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Кажуу, тукулжуратуу, эзүү, жадатуу, түбүнө жетүү. *Анан калса, карылыгы күргүр адамдын мүчөсүн мүлжүп, сымбатын сыйрып алат турбайбы* (Касымбеков). *Каяша айткан адамдын Канчасын мүлжүп кажаган* (Тоголок Молдо).

**МҮЛЖҮН** **мүлжү** этишинин өздүк мамилеси.

**МҮЛЖҮҢ: мүлжүң-мүлжүң** Тиши жок же катуу чайнай албаган кишинин бүйлөсүнө салып чайнаган же катуу, даана чайнай албаган көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат. *Май ширелүү го нанга чоң-чоң сүйкөп, кемпир мүлжүң-мүлжүң чайнап отурду* (Касымбеков).

**МҮЛЖҮҢДӨ** Мүлжүң-мүлжүң этүү. *Чал сууга бөлкөдөн туурап жиберип мүлжүңдөп жейт* (Байтемиров).

**МҮЛЖҮҢДӨӨ** **мүлжүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮЛЖҮҢДӨТ** **мүлжүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮЛЖҮТ** **мүлжү** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮЛЖҮҮ** **мүлжү** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮЛЖҮҮР** Мүлжүй турган сөөк, сөөктүн мүлжүгөнгө жарай турган эти. *Колго мүлжүүр тийүү. Мүлжүүр эти деле жок жылкынын жилигинин башын нары түртүп коюп, сорподон ууртады* («Ала-Тоо»).

**МҮЛК** 1. Дүнүйө, асыл, кымбат баалуу буюмдар. *Сан кара боз жылкың бар, Сандыгың толгон мүлкүң бар* («Эр Табылды»). *Катын-бала тим калды, Карманган мүлкү колдо жок* («Казыбек»). 2. Байлык, кенч. *«Манас» эпосу баарыбызга орток элдин мүлкү* (Бейшеналиев). *Токтогул аркасына маданияттын баа жеткис мүлкүн таштады* (Бөкөнбаев). 3. Тапкан оокат, үй оокатка керектүү буюмдар, мал. *Жоомарт бекен элге мүлкүн үрөгөн? Дыйкан бекен бермет данын күрөгөн?* (Токомбаев). *Күтүнгөн анын үй мүлкүн Далай адам көрүшкөн* (Үсөнбаев).

**МҮЛТ** Бир аз былк этип кыймылдаганды, булт берип тымызын козголгондой абалды билдирүү үчүн колдонулат. *Ааламды соро турган жырткыч турса, Мүлт этпей чоюн колдор ала алгандар* (Токомбаев).

**МҮЛТҮЛДӨ** 1. Бир калыпта турбай кылтылдоо, ойноктоо. *Боз чымчыктар тикендүү буталардын арасында бири-бирин кубалашып, сымаптай мүлтүлдөп ойношот* (Токомбаев). *Анын... көздөрү сымаптай мүлтүлдөп, туш-тушту карады* (Токомбаев). 2. Улам бирөөгө жагынып же өз пайдасына карай эки тараптын улам бирине ооп кылтылдоо, чыныгы жүзүн билдирбөөгө аракет кылуу. *Мүлтүлдөп орто жерде жүргөндөр бар, Мындайга орун койбойт биздин кеңеш* (Токомбаев). *Билбейт деп ойлойсуң го Экөөңдүн мүлтүлдөгөнүңдү* (Бейшеналиев).

**МҮЛТҮЛДӨК** 1. Кылтылдаган туруктуу эмес, өзгөрүп кетме. *Молдоке, албайм мындай шариятыңызды! Ак адил, ыйык десем, ал деле мүлтүлдөк тура, деди Батийна* (Сыдыкбеков). *Мында «болор бекен, болбос бекен» дегендей мүлтүлдөк, арсар кептин кереги жок* (Элебаев). 2. Кылтың-култуңу көбүрөөк, ишин тымызын астыртан бүтүргөн, амалдуу, сыртынан ак ниет сыяктуу көрүнүмүш болгон митайым. *Мүлтүлдөк директор мүлтүлдөп жүрдү* (Сыдыкбеков). *Кадим өз милдетинен уялган кишиче, мүлтүлдөк аял атайы эле катуу үлүтүндү* («Чалкан»). *Мүлтүлдөк эки сөздүү тайгак адам* (Тоголок Молдо).

**МҮЛТҮЛДӨӨ** **мүлтүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮЛТҮЛДӨТ** **мүлтүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮЛҮК** *диал.* Тиштин бүйлөсү. *Кашка тиштин мүлкү алтын, Ак мамактын үрпү алтын* (Барпы).

**МҮМКҮН** 1. Ыктымал, балким деген мааниде колдонулат. *Мүмкүн ал бир себеп менен мында келбей калган чыгар* (Жантөшев). *Мүмкүн менин кемчилигим табылар* (Токомбаев). 2. Боло тургандыгын, аткарыла тургандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Эшигин каккылашты башкарманын. – Мүмкүн,– дейт тааныш добуш коңур чыккан* (Абдыраманов).

**МҮМКҮНДҮК** **мүмкүнчүлүк** менен бирдей.

**МҮМКҮНЧҮЛҮК** Бир ишти аткаруу, орундоо үчүн мүмкүн болгон шарт, абал, жагдай, кырдаал. *Кайназар аксакал колунан келген мүмкүнчүлүгүн аябады* (Абдукаримов). *Машина, тракторлорду сатып алууга толук мүмкүнчүлүк бар (*«Ала-Тоо»).

**МҮН** Кемчилик, айып, күнөө; **мүүн** менен бирдей. *Күйөөсүн таштап келди деп, Күнүлөп кызга мүн кылып* (Үсөнбаев). *Ак бетиңде мүн барбы? Ага жетер үн барбы* («Эл адабияты»). *Ак Сайкалды караса, Эч бир мүнүү таппады* («Эл адабияты»).

**МҮНӨЗ** 1. Жүрүш-туруш, кыял-жорук. *Бир мүнөзүң карасам, адам айран калгандай* («Манас»). *Короонун четинде жүргөн Уулбала Туяктын бүгүнкү мүнөзүнө таң калды* (Токомбаев). 2. Түр, абал, көрүнүш; кырдаал. *Эки үйдөгү студенттердин турмушу майрамдык мүнөзгө айланды* (Бейшеналиев). 3. *адаб.* Көркөм чыгармадагы каармандын кулк-мүнөзү, анын өзүнө, башка адамдарга, ар кандай көрүнүштөргө карата мамилесинен көрүнгөн типтүү образы.

**МҮНӨЗ ТАМАК** Майы, тузу жок жеңил тамак; оорулуу киши ичүүчү диеталык тамак. *Айсалкын көптөн бери мүнөз тамак ичип жүрөт.*

**МҮНӨЗДӨ** Мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн, мүнөздүү белгилерин көрсөтүү, баяндоо, билдирүү. *Бир көргөн кишини жазбай, таасын мүнөздөп бергендиги карыянын зоболосун көтөрө турган* («Ала-Тоо»).

**МҮНӨЗДӨЛ** **мүнөздө** этишинин туюк мамилеси.

**МҮНӨЗДӨМӨ** 1. Бирөөнүн мүнөзү, жүрүш-турушу, кыял-жоругу жөнүндө же бир нерсенин өзгөчөлүктөрү, иштин жүрүшү, белгилери жөнүндөгү оозеки же жазуу түрүндө берилген түшүнүк, түшүндүрмө. *Жүрүм-турумуна мүнөздөмө берүү. Кой ферма башчысынын Абылбекке берген мүнөздөмөсү Темировдун эсинен чыга баштады* (Жантөшев). *Анын ишине курбулары мүнөздөмө беришти* («Кыргызстан аялдары»). 2. Бирөөнүн иштеген иштери, кызматы жана коомдо аткарган жумуштары жөнүндө баяндалып расмий түрдө берилген документ. *Иштеген жеринен берилген мүнөздөмө. Мүнөздөмөгө мөөр басуу.*

**МҮНӨЗДӨН** Кандайдыр бир мүнөзгө, кыялга окшош келүү, окшошуу.

**МҮНӨЗДӨӨ** **мүнөздө** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮНӨЗДҮҮ** Кандайдыр бир мүнөз, көрүнүшкө таандык, белгилүү бир мүнөзү, өзгөчөлүгү бар. *Омор оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү адам* (Сыдыкбеков). *Адыл ачык мүнөздүү салмактуу адам* (Сыдыкбеков). *Атам аркы беркини терең ойлоп текшере албаган, коркок мүнөздүү, оомараак киши*

(Жантөшев). *Унутпай жүрөр деген таттуу үмүт, Мындай ой мүнөздүү да жаш кыздарга (*Үмөталиев).

**МҮНӨТ минута** менен бирдей. *Агроном эки үч мүнөт өткөнчө токарь үн чыгарган жок* (Таштемиров).

**МҮНҮШКӨР** Алгыр кушту багып, таптап, ууга салуучу киши, саятчы. *Куш таптаган мүнүшкөр, Ат байлаган саяпкер* (Токтогул). *Мүнүшкөрү жарашса, Алгыр кыраан куш кызык* (Токтогул). *Мүлүшкөрдүн кесиби ит агытып, куш салмак* (макал). *Мүнүшкөр салган конушпу, Жалпы тама элиңден, Жаркылдаган келинден Айрылганың ушубу?* («Эл адабияты»).

**МҮНҮШКӨРЛҮК** Мүнүшкөрдүн кесиби, куш таптоочулук, куш таптоо иши менен иришүүчүлүк. *Бир кедей мүнүшкөрлүк кылып, таптап куш салат* «(Жомоктор»).

**МҮҢКҮР** 1. Буту-колунан ажыраган. *Мүңкүр болуп отурам* (Токомбаев). 2. *өт.* Оор, кыйын абалда калган; абдан азап тарткан. *Учуратып мүңкүргө, Нарынбай менин туугандым, Жаш менен бетти жууганым* (Тоголок Молдо).

**МҮҢКҮРӨ** Оорудан, кайгыдан улам басынып жүдөө; кайгыга, санаага батуу; бейкаруулук абалга жетүү, чүнчүү. *Мүңкүрөп азап чегип турганда, Шариптин айтар сөзү ушул беле?* (Бейшеналиев). *Күн мурун эле бел алдырып мүңкүрөп каласыңбы?* (Убукеев).

**МҮҢКҮРӨӨ мүңкүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮҢКҮРӨТ мүңкүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮР** Ийин менен колдун сөөгүнүн бириккен жериндеги ийиндин бери чыгып турган бөлүгү; ийин. *Эки ийиндин мүрүнө эки киши конгондой* (фольк.). *Чабыттап куштай учарга чалгын канат, мүр* берген (фольк.).

**МҮРГҮ** 1. Өтө чарчоо, шалдыроо, алсызданып араң эле туруу. *Жылдызкан канчалык жумуштан кеч келсе да, уйкусу келип мүргүп турса да чыдайт* (Байтемиров). 2. Сүрдүгүү, мүдүрүлүү, тайгылуу. *Аты жүрбөй кыйласы, Мүргүп кетип баратыр* («Манас»). *Суу ичинде тарталбай, Самын ташка ат мүргүп* («Эр Табылды»).

**МҮРГҮТ мүргү** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮРГҮҮ мүргү** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮРДӨ** 1. *диал.* Өлүк. 2. **мүрзө** менен бирдей. *Эзилип тонон көзү өтсө, Эсине алып ким көрөт, Эңилчек баскан мүрдөсүн?* (Токтогул).

**МҮРДӨМ: мүрдөмгө келбей** Токтоосуз, өтө тез, көз ачып-жумгуча, бир заматтын ичинде. *Келтек экинчи жолу карышкырдын кара тумшугуна тийгенде, ал мүрдөмгө келбей шалк дей түштү* (Каимов).

**МҮРЗӨ** Өлгөн кишини көмүү үчүн казылган көр, чуңкур жана өлүктү көмүүдөн, коюудан кийин пайда болгон дөбөчө; өлүк коюлган жер. *Егордун сөөгүн.. мүрзөгө койгондо Ашыр да катышты* (Сасыкбаев). *Кемпирди уулунун мүрзөсүнө жанаша койдум* (Абдукаримов). *Көрүнгөн дөбөдөгү мүрзө бекен* (Шимеев).

**МҮРЗӨГҮЛ** Массалык маалымат каражаттарында көзү өтүп кеткен адамдардын кайгысын тең бөлүшкөн учурда «некрологдун» ордуна колдонулуп келаткан сөз.

**МҮРИ** *диал.* Алманын курту.

**МҮРӨ мүрү I** менен бирдей.

**МҮРӨК** 1. *миф.* Тирилтип жандандыруучу, жашартып күч-кубат берүүчү, ичкен киши өлбөй узак жашоочу суу чыккан булак жана ошондой булактан чыккан суу. *Картайганда мен Бакай Өңгөчө дууга түштүмбү, Же мүрөктүн суусун ичтимби* («Сейтек»). 2. *өт.* Жакшы таасир, кубат берүүчү катары түшүнүлгөн нерсе: жер, суу, сезим ж.б. *Жаралганда суусун ичкен мүрөктүн, Арча жашыл, касиеттүү бир жыгач* (Акаев). *Ишенем, ишенгеним күндөй жарык, Жашоого мен ичкемин сенден мүрөк* (Шимеев).

**МҮРӨЛ** Арбын, көп, мол. *Сүтү мүрөл инек. Уламыш сөздөр, санжыра бизде мүрөл* (Даникеев).

**МҮРӨӨН** 1. Дарыя, өзөн. 2. *өт.* Кенен. *Топурагы семиз, жери тегиз, сууга мүрөөн жерлерди көздүн карегиндей сактап келишкен* (Касымбеков).

**МҮРТ** Токтоосуз, өтө тез, чукулунан. *Кабанаак көк дөбөт бирөө көтөрүп чапкансып мүрт жыгылып, бүткөн боюн титирек басты* (Абдукаримов).

**МҮРТ КЕТҮҮ** Токтоосуз, өтө тез жан берүү, өлүү. *Бекдайыр мүрт кетти* (Элебаев). *Шилтеген жоосу мүрт кеткен, Абам кандын Зулпукор* («Сейтек»).

**МҮРТӨЗ: кара мүртөз** Кыялы терс, бирөөгө жакшылык кылгысы келбеген, кыянатчыл, чорт мүнөз. *Кара мүртөз адамдын карыш түшөт кабагы (*Токтогул). *Бул кара мүртөз байлар өлтүрүп коюудан да кайра тартышпайт* (Абдукаримов).

**МҮРТӨМ мүрдөм** менен бирдей. *Жан алгыч болсо, мүртөмгө келтирчүдөй эмес.*

**МҮРҮ I мүр** менен бирдей. 1. *Сатар Шариптин мүрүсүнөн апчый кармады* (Бейшеналиев). *Гүлайым атасынын мүрүсүнө конуп далай ирет эркелеген* (Бейшеналиев). 2. Канаттуу куштардын моюнунан ылдый ийин сыяктанып ийилип кеткен бөлүгү, ошол бөлүктүн бир азыраак алдыга чыгып, көтөрүлүп турган уч жагы. *Эки ийни уча турган бүркүттүн мүрүсүндөй* (Токомбаев). *Кар жиликтин түбү деп, Канаттын анык мүрү деп* («Семетей»).

**МҮРҮ II** *диал.* Беш тыйын. *Иштешкен*

*он беш саат жер түбүндө Алышкан бир мүрүдөн ар күнүндө* (Бөкөнбаев).

**МҮСӨӨЛ** Олжо, соогат. *Мүсөөлгө муну бөлдүрбөй, Соогатчыга бердирбей, Алып келип өзү алган* («Эл адабияты»).

**МҮСҮРӨТ** 1. Өтүнүч, тилек. *Аттын сасык терине мүсүрөтүм жетпегенден кийин, эмнем Айым!* (Садыбакасов). 2. Кубаныч, шаттык. 3. *өт.* Сый, бедел. *Кызыр берип мүсүрөт, Кыргыздын башын кураган* («Манас» С.О.). *Баягы эрте замандагы салт-санжыраны сактаган оболку гейшелер жок, эми башка, шартка жараша өзгөрүштү , мүсүрөтү өчтү* (Жусупов).

**МҮҮН** Кемчилик, кемтик, айып, мүн. *Үйдүн жасалгасында мүүн жок* (Жантөшев). *Каары катуу кайнене канча кадалса да келининин кылган-эткенинен эч кандай мүүн таппады* («Ала-Тоо»).

**МҮЧӨ** 1. Адамдын денесинин бөлүктөрү (көбүнчө кол, бут жөнүндө). *Он эки мүчө, кырк тамыр таптакыр ооруп зыркырап* («Эр Төштүк»). *Арстан Манас баатырдын Ар мүчөсү башкача* («Манас»). 2. Бүткүл дене, дене түзүлүшү. *Шамбет ортодо олтурганында алп мүчөсү козголбогон кара таштай эле* (Сыдыкбеков). *Келиндин мүчөсү келишкен* (Жантөшев). 3. Кандайдыр бир уюмдун, коомдун, адамдардын тобунун курамына кирген киши. *Партиянын мүчөсү. Биз менен аңгемелешип отурган колхоздун мүчөсү Нурмамбетов* («Ала-Тоо»). *Башкарманын мүчөлөрү ферма башчысынын сунушун бир добуштан кабыл алды* (Каимов). 4. *грамм.* Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү (ээ, баяндооч, айкындооч). *Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. Окшош мүчөлөр.* 5. *грам.* Өз алдынча колдонулбаган жана лексикалык мааниге ээ боло албаган сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу морфема. *Жөндөмө мүчөлөр. Таандык мүчө. Жак мүчө. Өнүмдүү мүчө.* 6. Өлүккө келген уруу өкүлдөрүнө же сый адамдарга өлгөн адамды эскерүү иретинде берилүүчү белек, үлүш. *Мүчө берүү. Мүчө бөлүштүрүү.*

**МҮЧӨ-КОРРЕСПОНДЕНТ** Илимге сиңирген эмгегине карай шайланып өтүүчү, академикке чейинки илимий наам.

**МҮЧӨЛ** 1. Айбандардын аты менен аталган, он эки жылда бир кайталануучу жыл эсеби. *Отуз алты үч мүчөл, үй жылына быйыл мөрт* (Токомбаев). *Алтынчы уул атасынын энчисин Алганына эки мүчөл болгон жок* (Токомбаев). *Болсо да мүчөлүм жаш, көптү көргөм, Акактап турмуш чөлүн басып келгем* (Бөкөнбаев). 2. Туулгандан кийинки он эки жыл өткөн мезгил (он үчүнчү жылдан тарта кийинки мүчөл башталат). *Мүчөлүмө жетмейинче айтпайын деген антым бар эле* («САЖИ»). *Кырк жигити кашында, Кырмызы жоолук башында, Мүчөлүнөн өтүптүр* («Эр Табылды»).

**МҮЧӨЛӨ** 1. Жилик-жилик кылып бөлүү, ажыратуу. *Токтор шашып-бушуп этти мүчөлөдү да, Калыйчага кайрылды* (Абдукаримов). 2. Мүчөлөп, жайылып, көбөйүп кетүү. *Жара ар кайсы жерине мүчөлөп чыкты.*

**МҮЧӨЛӨН** Дене түзүлүшү окшошуу, окшош келүү. *Энеси мүчөлөнгөн кыз.*

**МҮЧӨЛҮК** Белгилүү бир уюмга, коомго ж.б. мүчө экендигине ылайык, мүчөгө таандык. *Мүчөлүк акы. Мүчөлүк милдет.*

**МҮЧӨЛҮҮ** 1. Денелүү, дене түзүлүшү келишимдүү. 2. Мүчөлөнгөн көрүнүштөгү, кебетеленген. *Эр мүчөлүү Айчүрөк Эң алдында бөлүнгөн* («Сейтек»). *Кыраан бүркүт мүчөлүү Кыргыздын баатыр жаштары* (Калык). *Жашы отузга жете элек мүчөлүү жигит* (Сыдыкбеков). 3. *грамм.* Сүйлөм мүчөлөрү. *Баш мүчөлүү сүйлөм. Көп мүчөлүү сүйлөм.*

**МҮЧҮ** Жете бербөө, кемип калуу, мүчүлүш болуп калуу. *Колун алыстан сермеп, жете албай мүчүп, колун экинчи сермеп убактын бошко кетирген теримчилер да болот* (Убукеев). *Бирок алдыңкыларга жетпей мүчүп калышты* (Осмоналиев). *Жана сайдан чыкканча өксүп калганын жакшылап эселей албай, бир чабым эле камчынын деми жетишпегенсип, мүчүп баратат* (Жакыпбеков).

**МҮЧҮГӨН** Жүдөгөн.

**МҮЧҮЛҮШ I** Кем, чала; кемчил, кемтик. *Пахта биринен-бири кылдай да мүчүлүшү жок тегиз көрүнөт* (Байтемиров). *Башка аткаруучулар да мындай майда-чүйдө мүчүлүштөрдөн кур эмес* («Ленинчил жаш»).

**МҮЧҮЛҮШ II** Мүчүлүштөө. *Бала катты ичинен шашпай окуп жатат. Кезек-кезек мүчүлүшүп токтоп да калат* («Ала-Тоо»).

**МҮЧҮЛҮШТӨ** Бир аз кемүү, талапка толук ылайык келбей, анча мынча кемчиликтер болуу, жетишпей мүчүлүш болуп калуу. *Башка сабактан мүчүлүштөй койбоспуз* (Бейшеналиев).

**МҮЧҮЛҮШТӨӨ мүчүлүштө** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮЧҮЛҮШТӨТ мүчүлүштө** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮЧҮЛҮШТҮК** Жете бербегендик, аздык, талапка толук ылайык келбегендик, анча-мынча жетишпегендик. *Каражаттын мүчүлүштүгү. Макаладагы тил жагынан кетирилген мүчүлүштүктөр. Ролду аткаруудагы мүчүлүштүктөр.*

**МҮЧҮТ мүчү** этишинин аркылуу мамилеси.

**МҮЧҮҮ мүчү** этишинин кыймыл атоочу.

**МҮШКҮЛ** Кыйынчылык, кайгылуу, азаптуу иш, түйшүк. *Экинчи мүшкүл атамдын каты* (Сасыкбаев). *Быйылкы кургакчылык элдин башына түшкөн өтө оор мүшкүл болду* (Абдукаримов). *Далай мүшкүл иш-*

*тер өттү башыман* (Турусбеков). *Элемандын Төштүккө чоң мүшкүл салганы* («Эр Төштүк»). *Кой кемпир! Элге-журтка түшкөн мүшкүл, кейибе! (*Сасыкбаев). *Чыдагыс, далай мүшкүл иштер болду!*(Турусбеков). *Мүшкүл иштин баарын кылган эркек акмак* (Жакиев).

**МҮШКҮЛДҮҮ** Кыйын, азаптуу, түйшүктүү, кайгылуу. *Каныбектин башынан өткөн мүшкүлдүү жомокторун угуп отурду* (Жантөшев).

**МҮШКҮЛҮ** Кештенин бир түрү. *Мүшкүлү такса жарашкан, Жака болом сулувум* («Эл адабияты»).

**МҮШӨК** Ичине ун, талкан ж.б. майдабарат буюмдар салынуучу кендирден же башка бышык кездемелерден жасалган кап. *Камбар ага шаардагы студент уул-келининикине эт-май, эки мүшөк картошка алып келип таштап кетти.*

**МҮШТӨК** 1. Тамеки тартуу үчүн ылайыкталып катуу нерседен (мүйүздөн, жыгачтан, металлдан ж. б.) жасалган, оозго тиштөөчү жагы ичкерээк келген түтүкчө. *Бугимов мүштөгүн катуу кагып, кайрадан чылым жасады* (Сасыкбаев). *Бугимов мүйүз мүштөгү менен столду тыкылдата зекип сурады* (Сасыкбаев). 2. Тоголок кылып ийрилген жип түрмөгү. *Улгайган байбичелер топоздун тыбытын тытып, кыгын терип, ийик ийрип чоң тостогондой кылып мүштөк жасап тоголотуп салып, кайра баштап ийик ийрип отургандары отурган* (Абакиров).

**МЫДЫР** Кыймылга келген же көрүнгөн, билинген, колунда бар нерсе. *Бардык мыдырын тартып алдык.*

**МЫДЫР ЭТКЕН** Кыймылга келген, кыймылдаган, кыбыр эткен. *Бул чөйрөдө бизден башка мыдыр эткен жан жок* (Элебаев). *Ал жерде кепеде отургандардан башка мыдыр эткен тирүү жан жок эле* (Убукеев). *Мыдыр эткен бир жандын караанды жок* (Жантөшев). *Жанында уй мүйүз тартып отургандар түгүл те алыста үндүн жаңырыгы араң жетип турган жердеги эл да мыдыр этишпей сөз тыңшап калышты* (Касымбеков).

**МЫДЫРА** Жайбаракат жасалган кыймыл, кыбыр-сыбыр.

**МЫДЫРСЫЗ** Мыдыры жок, кыймылсыз, кыймылы жок.

**МЫЁО** Мышыктын үн чыгаруусун билдирет жана чакырууда колдонулат.

**МЫЁОЛО** Мыёо-мыёо деген дабыш чыгаруу. *Ачка мышык мыёолоп үйгө кирди, аңдып келип илинген майды көрдү* (Бөкөнбаев).

**МЫЁОЛОО мыёоло** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЁОЛОТ мыёоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЖУУ мыжы** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЖЫ** 1. Катуу кармоо, эзе мыкчуу. *Соорoнбай өз колун өзү мыжып-мыжып алды* (Жантөшев). 2. *өт.* Маңызданып, эзип көп сүйлөө. 3. *өт.* Жанга батуу, эзүү, кыйноо. *Дашанын буркураган муңдуу ыйы бир жагынан жүрөгүн мыжып жиберди* (Сасыкбаев). *Элди эзип, мыжыган падыша жан талашып калтаарый баштады* (Бектенов).

**МЫЖЫГУУ мыжык** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЖЫГЫШ мыжык** этишинин кош мамилеси.

**МЫЖЫК** Мыжуу, мыжый кармоо. *Кожоюн чөркөгө көчүгүн коюп башын мыжыккан бойдон отуруп калды* (Убукеев). *Кадырбек бүткөн боюн калтыратып катты мыжыга баштады* (Жантөшев).

**МЫЙ мый-мый** Мышыкты чакырууда колдонулат.

**МЫЙЗАМ I мийзам I** менен бирдей

**МЫЙЗАМ II** *эс.* **миизам II** менен бирдей.

**МЫЙМЫҢ** Бүрүшүңкү жана кичирээк келген ооздун бат-бат кыймылын билдирүү үчүн колдонулат. *Мыймыңдап сүйлөгөн киши. Мыймыңдап чөп жеп отурган коён.*

**МЫЙМЫҢДАТ мыймыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЙМЫТ** *диал.* 1. Калың куурайдын арасында учуп-конуп жем терип жан сактаган эң кичине боз чымчык. *Мыймыт деп кичинелигине карай айтса керек.* 2. Көзүбашы кичине, жаак териси жука көзү кыбындак, чүлжүгүй кичине кишиге карата колдонулат. *Касым мыймыт кайда жүрөт.*

**МЫЙРЫЙ** 1. Түз эмес, кыйшайтып, ийреййип калуу. 2. Бүрүшүп-чүрүшкөн же чүйрүйүп жактырбагандай көрүнүштө, абалда болуу. Дубал катуу болгондуктан, мык түз кагылбай мыйрыйып калууда. *Ал мыйрыйган, бырышкан, түйдөктөлгөн сары чачтуу неме.*

**МЫЙРЫЙТ мыйрый** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЙРЫК** Мыйрыйган, мыйрыгый. *Мыйрык өтүк.*

**МЫЙТЫЙ** Абдан кичинекей көрүнүштө болуу. *Жылдызкан мыйтыйган колдорун катуу түйдү да, кескин шилтеп алды* (Байтемиров).

**МЫЙТЫҢ: мыйтың-мыйтың** Мыйтыйган кичине бөбөктүн же жандыктын кыймыл-аракеттин элесин билдирүү үчүн колдонулат. *Ал мыйтың-мыйтың чуркап, үйүнө келди.*

**МЫЙТЫҢДА** Мыйтың-мыйтың этүү, мыйтың-мыйтың эткен көрүнүштө, аракетте болуу.

**МЫЙТЫҢДАТ мыйтыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЙТЫҢДОО мыйтыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЙЫГЫНАН ЖЫЛМАЮУ** *к.* **мыйыгынан күлүү.**

**МЫЙЫГЫНАН КҮЛҮҮ** 1. Үн чыгарбай, билинер-билинбес жылмаюу, кичине күлүмсүрөө, ууртунан (жайынча) күлкү чыгаруу. 2. Сынагандай, келекелегендей кытмыр жылмаюу. *Алардын аңгемесин тыңшап, мыйыгынан күлүп койду* (Абдукаимов). *Жигит Атакелдинин сөзүн төкпөй-чачпай айтып барганда Кырбаш мыйыгынан күлүп койду* (Сыдыгалиев). *Эми Асыл акырын мыйыгынан күлүп, Сулайман менен Сүйүнбайды аңдып калган* (Өгөбаев). *Алымкул көзүн кысып, мыйыгынан гана күлүмсүрөп койду* (Абдукаримов). *Шаңыя мыйыгынан күлө башын ийкеди да, чыгып кетти* (Жантөшев). **В.: Мурутунан күлүү.** *Качканын көрүп Чубактын, Мурутунан күлдү эми* («Манас»). *Эдиге мурутунан күлүп, оолактай берди* (Осмоналиев). **Мурутунан мулуюу.** *Дүр бүктөлүү кагазды шар ача: «жайыраак барабыз, күт» деген кыска сөздү окуп, мурутунан мулуйду* (Бейшеналиев). **Мыйыгынан жылмаюу.** *Ал мыйыгынан жылмайып, деле шашпаган кыязда бара жатты* («Чалкан»). – *Болот экен го, – деп өз алдынча Кошбаев мыйыгынан жылмайып баратты* («Кыргызстан маданияты»). **Мыкыйынан күлүү.** – *Жок, уккан эмесмин, – деди Тообай мыкыйынан күлүп* (Кыдырмышев). *Биле коюп шум Кыяз, Мыкыйынан күлүптүр* («Сейтек»). *Казанчынын сырын билген катылган менен Туякбай укмаксан болушуп мыкыйларынан күлүштү* (Токомбаев).

**МЫЙЫК** Мурут. *Из чалган Бакай акылман, Мыйыгынан күлдү эми* («Манас»).

**МЫК** Бекитип кагуу үчүн колдонулуучу, көбүнчө бир башы учтуу, экинчи башы бөрктүү кичинекей таякча металл; чеге. *Жыгач уста вагондун алдына төшөлгөн тактайга мыкты житире кагып жатат* (Сасыкбаев). *Кыз терезенин үстүндө жалгыз мыкка илинген сүрөттү көрдү* (Сыдыкбеков).

**МЫКААЧЫ** Бирөөнү аябаган, ырайымсыз, жырткыч, өлтүрүүдөн кайра тартпаган киши. *Кылычын канга малса корстон болгон, Мыкаачы кайдан билсин эрдин баркын!* (Маликов). *Корккондой ал мокочо же мыкаачы эмес го* («Ала-Тоо»).

**МЫКААЧЫЛЫК** Ырайымсыздык, жырткычтык. *Басмачылар мыкаачылыгын аяшпаган көрүнөт* (Жантөшев).

**МЫКТА** Мыктылоо, мыкты, сонун түргө келтирүү, жакшыртуу, бекемдөө. *Үйүн мыктады. Ишинин сапатын мыктады. Аттарын мыктады. Урушту мыктап кылайын, Урушпай кантип турайын* («Эр Төштүк»). *Башкаң тамак бышырып, Этке мыктап тоюңар* («Эр Табылды»). *Шайман качып Бакайдан, Мүшкүлгө мыктап баткан кез* («Сейтек»).

**МЫКТАЙ мыкты** менен бирдей.

**МЫКТАТ мыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫКТОО мыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫКТУУ** 1. Мыгы бар, мык кагылган. *Мыктуу ящик. Жез мыктуу. Майда мыктуу.* 2. *сүйл.* Мыкты менен бирдей. *Кысталыштын күнүндө, Жоонун айласын тапкан мыктуу эр* («Манас»). *Көркөм сөздү ок катары карайбыз, Күчтүү сөздү мыктуу курал санайбыз* (Турусбеков).

**МЫКТУУЛА мыктыла** менен бирдей.

**МЫКТУУСУН мыктысын** менен бирдей.

**МЫКТЫ** 1. Кыйын, абдан жакшы, сонун. *Мыкты болсо эр Төштүк, Жөө күлүгүн камдасын* («Эр Төштүк»). *Мыктыларың чечингин, Коркокторуң бекингин* («Калмырза»). *Атам.. оор басырык, мыкты киши эле* (Баялинов). *Осмон... мыкты иштегендиги үчүн сыйланды* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Атактуу, белгилүү, бийликтүү, чоң. *Олжобай мыкты болуптур, Калың кыпчак урууга* (Үсөнбаев). 3. Аябай, өтө, абдан. *Эшен чал сени сойбосом, Каныңа мыкты тойбосом* («Манас»). *Мыкты иштеген коллективдер мелдеште, Жеңип чыгып, бүт өлкөгө макталуу* (Артыкбаев).

**МЫКТЫЛА** 1. Бекемдөө, жакшы кылуу. *Бекиттирип мыктылап, Кийизден боз үй ордосун* (Каралаев). *Мыктылап туруп бир там салдырып алайын деп жаткан экен го* (Турусбеков). 2. Аябай аракет кылуу.

**МЫКТЫЛАН мыктыла** этишинин өздүк мамилеси.

**МЫКТЫЛОО мыктыла** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫКТЫЛЫК** Бекемдик, кыйындык, мыкты сапат. *Чапса кылыч кеспеген, Мыктылыгы дагы бар* («Эр Төштүк»).

**МЫКТЫСЫ мыктысын** менен бирдей.

**МЫКТЫСЫН** Өзүн кыйын, мыкты катарында көрсөтүүгө умтулуу, тыңсынуу. *Чотурдун мыктысынган кебетесин кыртышым сүйбөдү* (Касымбеков). *Мыктысынып жатасың, Биздин сөздү эп көрбөй* («Семетей»).

**МЫКТЫСЫНУУ мыктысын** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫКЧУУ мыкчы** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫКЧЫ** 1. Өтө катуу, эзе кармоо; оорута кармоо, абдан бекем кармап алуу. *Мамбеткул санын мыкчып отуруп калды* (Каимов). *Татыбек сол колу менен башын мыкчып, жер чыканактап жатат* (Байтемиров). *Гүлай свитеримдин жакасынан мыкчый тартты* («Ленинчил жаш»). 2. Мыжып аралаштыруу, аткып, мыжый кармоо. *Балдар сүттүн үстүн калпып, талкан мыкчып жегенди жакшы көрүшө турган* (Жантөшев). *Каныбек кабагын чытып, жаралуу санын эки колдоп мыкчып кармап отурган*

*эле* (Жантөшев). *Каймакка мыкчыган талкандар элестей калды* (Токомбаев). *Мандолинам – дүйнөдө жок периштем, ыраазы бол – мыкчып ичке мойнуңдан чаппаганга ошол катаал таштарга* (Муканов).

**МЫКЧЫГЕР** Үй-бүлө ичиндеги мыктысы, башкаруучусу, кандайдыр бир жамааттын, элдин арасындагы тыңы, билерман. *Ушул үйдүн мыкчыгери. Бир айылдын мыкчыгери. Эки жаат болуп ордо атышкандардын бир тарабынын мыкчыгери – Асанкан* («Чалкан»).

**МЫКЧЫЙ** Кекирейүү, мыктысынып, кейкейген көрүнүштө болуу. *Мыкчыйып калыс жандай акыл сүйлөп, Астыртан бар экен да каткан касың* (Абдыраманов).

**МЫКЧЫЙТ мыкчый** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫКЧЫЛ мыкчы** этишинин туюк мамилеси.

**МЫКЧЫМА** Жаңы нанды кол менен туурап, сары май кошуп аралаштыра мыжыгып тоголоктоп даярдалган даам түрү.

**МЫКЧЫҢ** Мыкчыйган кебетедеги, кекирейген мүнөздөгү адамдын кыймыл аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Мыкчыңдап чогулушту дегеле кыйын алпарды* («Чалкан»).

**МЫКЧЫТ мыкчы** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫКЧЫЮУ мыкчый** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫКЫЙ I** Желке, кежиге.

**МЫКЫЙ II: мыкый үкү** Жапалак үкүгө караганда кичирээк болуп, моюну кыска, ийни куушуруңку келген, зыяндуу курт-кумурскалар менен тамактануучу үкүнүн бир түрү.

**МЫКЫЙ III** Тыпыюу, мыкчыйып тымпыюу. *Мүнөзү белгилүү го койсом айтпай, Мыкыят «мен» дегендей сырын ачпай* (Абдыраманов).

**МЫКЫЙЛА** Мыкыйынан алуу, желкелөө, кежигеден алуу.

**МЫКЫЙЛАН мыкыйла** этиштин өздүк мамилеси.

**МЫКЫЙЛАТ мыкыйла** этиштин аркылуу мамилеси.

**МЫКЫЙЛАШ** 1. Мыкыйла этишинин кош мамилеси. 2. *өт.* Чарпышуу, серпишүү, айтышып калуу. *Калпа аялы менен азыраак алым-сабак айтышып, кичине мыкыйлашкандан кийин, калган этти бүт салууга туура келди* («Ала-Тоо»).

**МЫКЫН быкын** менен бирдей.

**МЫКЫЮУ мыкый** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЛАЛ** Кайгы, капалык, өкүнүч, тынчсыздануу. *Ылайык арам-алалды, Көңүлүмө койбоңор, Көз жетпеген мылалды, Көрбөйлүк бөөдө залалды* («Манас»).

**МЫЛГЫ** Матырылуу, кирүү, сайылуу, батып кетүү. *Ок көзүнө мылгыды* («Манас»).

**МЫЛГЫТ мылгы** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЛЖЫЙ** 1. Тишин көрсөтпөй, мыйыгынан жылмайымыш болуу. *Кармыш мылжыя тартып, кем ээк эриндерин кымтып, кылыя карап турду* (Бейшеналиев). *Көкө орто-саар калып, мылжыйып жер тиктеп гана жөн болду* (Касымбеков). 2. Өтүмү жок, жоош болуу; бир ишти бүтүрбөй, эзилип жүрө берүү.

**МЫЛЖЫҢ** Эзме, оюн олуттуу түрдө так, ачык билдирбеген; уяң, өтүмү жок. *Жашыңда мылжың болсоң, карыганда кылжың болорсуң* (макал). *Атаң андан, бир тууганың экөөң мындан мылжың кокуй экенсиңер* (Сасыкбаев).

**МЫЛЖЫҢДА** Олуттуу сүйлөбөй кылжыктоо, оюн ачык айтпоо; уяңдык кылуу, өтүмү жок болуу.*Мылжыңдап туруп алуу. Мылжыңдап жер кароо.*

**МЫЛЖЫҢДОО мылжыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫЛК** Көбүнчө мылгыган, кандайдыр бир жумшак нерсеге бата түшкөн абалды билдирүү үчүн колдонулат. *Найза кирди мылк этип.*

**МЫЛМЫГЫЙ** Мылмыйган, ылжыраган, өтө бош (толук, семиз киши жөнүндө).

**МЫЛМЫЙ** Бардык нерсеге кош көңүл мамиле кылуу; бош, өтүмү жок болуу (толук, семиз киши жөнүндө).

**МЫЛМЫЙТ мылмый** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЛМЫҢ** Кош көңүл, билинээр-билинбес жылмайгандай көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат. *Мылмың этип күлүп коюу.*

**МЫЛПЫЙ** Өтө жооштук, жүүнү боштук кылып тымпыюу, мылпыйган, көңүл кош абалда болуу. *Мылпыйып олтура берүү. Мылпыйып жооп бербөө.*

**МЫЛПЫЙТ мылпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫЛТЫЙ** Билип турса да билмексен болуп унчукпоо. *Ошондо анын мылтыйып унчукпай отурганында бир мандем бар болчу* (Өмүрбаев).

**МЫЛТЫК** Ок чыгаруучу узун стволдуу курал. *Барпы эки-үч күндүн биринде эле мылтык алып тоого барат* (Байтемиров). *Шахтёрлор мылтык дарысын салып милте коюшту* (Сасыкбаев). *Тарсылдаган мылтык үнү Капчыгайды бузгандай* (Бөкөнбаев). *Мылтык болбой ок болбойт* (макал).

**МЫЛТЫКТУУ** Мылтыгы бар. *Мылтыктууңар ок-дарыңды камдагыла* (Турусбеков).

**МЫЛТЫКТЫН ООЗУНДА, КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ** Абдан опурталдуу, өтө коркунучтуу, өлүм менен ажал арбашкан жерде деген мааниде колдонулат. *Мына ушул Чал дайыма мылтыктын оозунда, кылычтын мизинде жүрүп, жоокерчилик заманда бир катар аты чыгат* (Ш.Үмөталиев).

**МЫЛТЫКЧАН** Мылтыктуу, мылтык асынган.

**МЫНА** 1. Алдыда, чукул, жакын турган нерсени көрсөтө, шилтей айтуу үчүн колдонулат. *Мына бул жердин берекесин карасаңчы!* (Жантөшев). *Мына момунда Ышкыаалынын эски тебетейи илинип турат* (Байтемиров). *Мына түштүк жакта дүгдүрөйүп тоо жатат* (Байтемиров). *Мына бул тоо – сыйынган тоо огуздар, Мына бул көл – жылдыз жайнап чөккөн көл* (Байас). 2. Мезгилди, убакытты ж. б. белгилей көрсөтүү үчүн колдонулат. *Мына ошондо чоң Көкдөө Каарын сала берди эми* («Эр Төштүк»). *Сармерденди мына өзүм баштайм* (Сыдыкбеков). *Мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң* (Байтемиров).

**МЫНА КЕЛЕТ, АНА КЕЛЕТ** Күткөндө азыр, көп узабай эле келе калат деп отуруп убакыттын көп өтүп кеткендигин билдирүүдө колдонулат. *Мына келет, ана келет менен аллеядан ары-бери басып жүрө берип, убакыттын далайын өткөрдүм* (Саатов).

**МЫНАКЕЙ** Кандайдыр бир нерсе, көрүнүш, окуя ж.б. жөнүндө көрсөтө, белгилей айтуу үчүн колдонулат. *Мынакей биздин малчылар, Малдарын аман багышкан* (Осмонкул). *Колхоздогу шайыр жаштар мынакей* (Турусбеков). *Мынакей газетадан окуп чыксам, Сыйланган орден менен бир топ адам* (Нуркамал).

**МЫНДА** 1. Ушул жерде, бул жерде, ушунда. *Мында да, тигинде да кайырмак салып олтурган балыкчылар* (Сасыкбаев). *Түн жамынып кетейин, Болбос мында турганым!* (Жантөшев). *Мында бир сыр бар. Бул пикир мында да айтылат.*

**МЫНДАЙ**. 1. Ушундай, ушул сыяктуу, мына ушул өңдүү деген мааниде колдонулат. *Эми иш мындай болсун* (Жантөшев). *Жылдызы экен адамдын Ким жактырбайт мындайды* («Курманбек»). 2. Бери, жакын, берирээк, бул жерге, тигиндей деген мааниде (көбүнчө отуруу, туруууга карата) колдонулат. – *Апай,– деди ошол замат ажардуу карап Акия,– мындай келип олтуруңузчу* (Сыдыкбеков).

**МЫНДАЙЧА** Ушундайча, мына мындай, ушул сыяктуу деген мааниде колдонулат. *Мындайча деп бир адам Баш көтөргөн жок болду* («Семетей»).

**МЫНДАН** Ушундан, мына ушул учурдан, мына ушундан. *Шамбет бул күүнү мындан үч жыл мурун карыядан үйрөнгөн* (Сыдыкбеков).

**МЫНТЫК** **мылтык** менен бирдей.

**МЫНЧА** Кандайдыр бир өлчөмдүк маанини, аракеттин канчалык даражада экендигин билдирүү үчүн колдонулат. – *Сапий, неге мынча отуруп калдың?* (Каимов). – *Ай, эй, Элебес экен. Мынча эмне ашыгып келатат, ал?* (Сыдыкбеков). – *Мынча өнөрдү бизге билгизбей, кайсы жериңе катып жүргөнсүң* (Сыдыкбеков).

**МЫНЧАЛЫК** Мынча, ушунча деген өлчөмдүк маанини же аракеттин канчалык даражада экендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Нурбай шашты эмнеге мынчалык, Тез жөнөдү, «жүр» дегенге жарабай* (Токомбаев). *Мынчалык көп киши кайдан чогулду? Көңүлүмдө ыраазылык толтура, Мынчалык бакыт менен кайда барам* (Султанов).

**МЫҢ: мың дебөө** Кың дебөө, үн катпоо, каршылыгын же наразылыгын да билдире албоо, унчуга албай калуу. *Кармыш студенттерди бөлүштүргөндө эч ким мың дебеген* (Шүкүрбеков).

**МЫҢК** Ачык билинбеген, мурдунан сүйлөп күңк этип унчугууну билдирүү үчүн колдонулат. *Элебес түз жооп бербестен анткорлонуп мыңк этти* (Сыдыкбеков).

**МЫҢК: кыңк-мыңк** *к.* **кыңк.**

**МЫҢКЫЛДА** Ачык айта албай күңкмыңк этүү, сөздөрүн ачык, даана айтпоо. *Калый эмне деп жооп берерин билбей буйдалып, мыңкылдапкалды* (Сасыкбаев). *Акман бирдемени мыңкылдап коюп, талпактын үстүндө олтурат* (Сыдыкбеков).

**МЫҢКЫЛДОО** **мыңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫРАКЫР** Атчы. *Жолойго кирип келгенде ат багуучу мыракыр кылды* («Эл адабияты»).

**МЫРЗА** 1. Башкаруу иштерине, бийликке аралашып жүргөн адам; кол алдында иштеген кызматкерлери, малайлары ж.б. бар, көбүнчө анчалык улгая элек адам. *Терилип манап, бай, мырзалары, Ал күнү Кочкордогу ашка келген* (Маликов). *Кийгени шайы мырзамдын, Бар сыпатын айтайын* (Бөкөнбаев). 2. *сүйл.* Өз боюн, кийимкечесин тың алып жүргөн жигит; азамат. *Кана эмесе мырзалар, Жарымды элге салгыла* («Мендирман»). *Жеткилең ырчы дедиртип, Мырза болуп желип кет* («Калмырза»). *Маалим мырза келатат* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Берешен, март, жоомарт.

**МЫРЗА КАМЧЫ** Эликтин шыйрагына, мүйүзүнө сапталып, коооздолуп жасалган камчы.

**МЫРЗА ТЕРЕК** Төмөн жагында майда бутактары жок, узун, түз өсө турган сыйда терек (көбүнчө курулуш иштеринде колдонулат). *Ирettүү бак-дарак, жээгине ак тал менен мырза терек кырка толгон арыктар* (Касымбеков).

**МЫРЗА ЧАБУУЛ** Бүт элди кыйратып, кыргын кылбай, акырындап эл арасындагы колунан иш келер, аттуу-баштуу мыктыларын бирден кармап алып жок кылуу. *Мырза чабуул кылыптыр* («Манас» С.О.).

**МЫРЗАЙЫМ** 1. Төрө аял. 2. Мүнөзүндө мырзалык сапаттар бар аял заты.

**МЫРЗАЛЫК** Мырзага таандык абал, сапаттар.

**МЫРКЫЛДА** Өтө эле мурдуна күч келтирип сүйлөө, мурду менен сөздү буза сүйлөгөнү билинип туруу. *Куурчак көтөрүп калгансыңбы? – деп анын мыркылдаганы Мукеге жакпады* («Советтик Кыргызстан»).

**МЫРС: мырс эткен** Мыдыр эткен, кыбыр эткен, кыймылдаган. *Мындан бийик ашуудан башка дүйнөдө мырс эткен неме көзгө илинбейт* (Элебаев).

**МЫРТЫГЫЙ** Толугураак, толмоч келген кыска; мыртыйган.

**МЫРТЫЙ** Толук, жоон, кыска көрүнүштө болуу, быртыйып көрүнүү. *Элебестин мыртыйган күчтүү колдорун Акия бек-бек кыса кармайт* (Сыдыкбеков).

**МЫРТЫЮУ мыртый** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫРШАП** *эск.* 1. Жигит, жасоол. 2. Илгери Кокон кандыгынын мезгилинде түнкү кароолчу полициянын башчысы. *Кармалып кеттиң Шыбырга Кай бирөөнүн зарпынан. Эки салдат, бир мыршап Айдап кеткен артыңан* (Токтогул).

**МЫРЫЙ** Бир жагы же бир чети, көбүнчө учтанып турган жагы кемирейген же жырык абалда болуу.

**МЫРЫЙТ мырый** этиштин аркылуу мамилеси.

**МЫРЫК** 1. Бүтүн эмес, кемирейген, кетилип калган, жырылган. *Мырык чүкө.* 2. Мурду маңка, жырык, мырыйган.

**МЫРЫЛДА бырылда** менен бирдей.

**МЫРЫҢ: мырың-мырың** Көбүнчө мурду мырыйган адамдын сүйлөгөндөгү абалын билдирүү үчүн колдонулат.

**МЫРЫНДА** Мырың-мырың этип, мурдунан сүйлөө.

**МЫРЫНДАТ мырында** этиштин аркылуу мамилеси.

**МЫРЫНДОО мырында** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫСКАЛ** 1. Оордук өлчөмүнүн бирдиги, 5 граммга жакын (4,68 грамм) салмак. *Мыскалын салса оозго* («Манас» С.О.). *Бир мыскал күмүш* (САЖИ). *Белден төшөк салдырып, Мыскалдап дары алдырып* («Эл адабияты»). 2. *өт.* Кичинекей, кымындай, тырмактай. *Арактан мыскал кем эмес, Ак келин кылган кымызың, Ичкен адам жыргасын* (Токтогул).

**МЫСКАЛДА** 1. Мыскалга барабар кылып ченөө, өлчөө. *Мыскалдап ченөө.* 2. *өт.* Кичинекейден, аз-аздан, акырындык менен. *Батмандап кирген оору мыскалдап чыгат* (макал).

**МЫСКАЛДОО мыскалда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫСКЫЛ** Какшык аралаш айтылган шылдың, келеке. *Бул мыскылыңа чыдабайм, алжыган айбан,– деди Тагай* (Абдукаримов). *Толмоч кара тоголок бала Маликтин сөзүн коштоп, Өмүрбекти мыскылга ала сүйлөдү* (Таштемиров).

**МЫСКАЛ ТАРАЗА** Зергерлердин таразасы. Алтын-күмүш жана башка асыл заттарды өлчөөчү буюм.

**МЫСКЫЛДА** Шылдыңдоо, шылдың кылуу, келекелөө. *Мыскылдап мени шектүү карайсыңар, Кеткиле андан көрө үйгө тарап* (Токомбаев).

**МЫСКЫЛДАТ мыскылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫСКЫЛДОО мыскылда** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫСКЫЛДУУ** Шылдыңдуу, келекелүү, шылдың кылгандай, шылдың кылган сыяктуу, мыскыл менен. *Шейше жеңесине мыскылдуу карады* («Ала-Тоо»). *Эштектин Жумасы мыскылдуу күлкүсүн чыгарды* (Жантөшев).

**МЫСКЫЛСЫЗ** Шылдыңдабастан, мыскылдабастан, мыскылдуу эмес. *Мыскылсыз айтылган сөз. Күлкүсү да мыскылсыз.*

**МЫТАН** Тузу жок, ачыбаган суюк тамак (көбүнчө жармага карата). *Мытан жарма.*

**МЫТКУУ мыткы** этишинин кыймыл атоочу.

**МЫТКЫ** Мыкчый кармоо, аткып эзе кармоо. *Калдайып кара бүркүт мыткып алып, Темирдей тырмактарын канга малып* (Токомбаев).

**МЫТКЫТ мыткы** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЫТЫ** Бармагы, сөөмөйү жана ортону менен мыткый кармоо, аткый кармоо.

**МЫТЫРАЙ** Чакан, тыкан көрүнүш. *Келим-кетимдүү байдын чоң ак боз үйүнүн жанында эки кызы үчүн атайын тигилген мытырайган ак өргөө* («Ала-Тоо»).

**МЫЧКЫ мыкчы** менен бирдсй.

**МЫШ I** Мышыкты кубалоодо айтылуучу сөз.

**МЫШ II: мыш болуу** Уят болуп калуу, шылдың болуу, уятка калуу. *Унутулгус иш болуп, Урушам деген Коңурбай өзү келип мыш болуп* («Манас»). *Ырдап жиберсең, кызы экөө мыш болуп калсын, – деп көзүн кысты* (Осмоналиев). *Ошондо мыйыгынан күлгөн эркектер мыш болуп, камчылары менен сандарын чаап, туура бастырышты* (Жусупов).

**МЫШ КЫЛУУ** Катуу сындыруу, шылдың кылуу, уятка калтыруу. *Азырынча сасык бай кайын атасы менен куу чирен кемчонтой эрин мыш кылып, Үрпүкандын даңазасы жайыла берди* (Бейшеналиев). *Биздин жаңы апабыз алардын сазайын колуна берди бейм, иттин гана арткы шыйрагындай мыш кылды* (Борбиев). *Улакчылардын бардыгын мыш кылып, кош дөбөнү үч айландырып келип, Көй-Кашканын алдына таштады* (Көчкөнов). *Калың*

*эл мыш көрсөтүп турган кезде Кылчайып амалсыздан моюн бурду* (Токомбаев).

**МЫШМЫГЫЙ** Мышмыйган, өтө эле мылжыгый. *Мышмыгый көз. Мышмыгыйдын бири.*

**МЫШМЫЙ** Мылмыйып, чечкиндүү эмес көрүнүштө болуу. *Кээде гана мышмыйып күлүп коёт* («Ала-Тоо»).

**МЫШМЫҢ** Мышмыйган кебетедеги адамдын кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Мышмың гана күлүп коюу. Мышмыңмышмың этүү. Мышмыңдап тыңгылуктуу жооп бербөө. Мышмыңдап отура берүү.*

**МЫШЫК БАСЫШКА САЛУУ** Акырын, жай, эч шек алдырбай басуу, жүрүү деген мааниде айтылат. *Анан шырп алдырбай, мышык басышка салып, чөп алачыктын ичин карады* (Саатов).

**МЫШЫК** Көбүнчө чычкан алып жей турган колдо багылуучу жаныбар. *Мышыкка оюн, чычканга өлүм* (макал). *Таргыл мышык терезеден керебеттин башына секирип түштү* (Сыдыкбеков).

**МЫШЫК БОЛУУ** Коркуу, жүрөгү түшүү. *Бирок, Шертайдын бир жакшы жери – мышык болуп калган күндө да жакшылыгын эч бир тууганынан аябайт* (Бердикеев). – *А-а?! Мышык болуп калат экенсиң го, мышык болуп* (Касымбеков). *Жолумдан жолборс чыкса, мышык болбой кантейин, Осоке?..* (Касымбеков).

**МЫШЫК СОПУ** Кандайдыр бир жагымсыз, былыктуу ишти иштеп коюп билмексен, көрмөксөн болгон анткор, арамза. *Эч жерге батпай шумдук болгон неме айылга көчүгү батканча мышык сопу болоюн деген го деп, анын сыпайыкерчилигине ишенишпеди* (Каимов).

**МЫШЫК-ЧЫЧКАН ОЙНОТУУ** Туура эмес мамиле жасоо, шылдыңдоо, нечен алакеттен өткөрүү. *Бул эмне, мени мышык-чычкан ойнотот* (Казакбаев). *Мышык-чычкан ойнойбуз, Мышык жолун торгойбуз* (Үмөталиев).

**МЫШЬЯК** 1. Көпчүлүк минералдардын курамына кирүүчү уулуу катуу зат, химиялык элемент. 2. Ушул заттан жасалып медицинада жана техникада колдонулуучу препарат.

**МЫШЬЯКТУУ** Мышьяк кошулган, мышьягы бар.

**МЫЯ** 1. Куурай сыяктуу өсүүчү сары гүлдүү отоо чөп. *Ак мыя. Кызыл мыя. Эгинге зыян келтирүүчү отоо чөптөр: кекире, ак мыя, чырмоок жана башкалар.* 2. Ушул өсүмдүктүн тоголок буурчак сыяктуу дандары. *Ташы жүрөт, ташын бирден терейин, Мыя жүрөт, мыяларын элейин* (Осмонов).

**МЫЯТ** **мият** менен бирдей. *Жаңы уставды кабыл аларда Мамбеткулга мыят болуучулар өтө аз сыяктанат* (Каимов).

**МЭР** Шаардык башкаруунун, муниципалитеттин башчысы.

**МЭРИЯ** Шаардык аткаруу бийлигинин органы жана ал орган жайгашкан имарат. *15-июлдан баштап Бишкек мэриясында «ишеним телефону» ишке кирди* («Кыргыз Туусу»).

**МЭЭ** 1. Баш сөөгүндө жайланышкан адамдардын жана айбандардын нерв системасынын борбордук бөлүгү болгон *Аш – ээси менен, баш – мээси менен* (макал). *Чыгарып алтын мээден ар кыл акыл, Миң сандуу билим, өнөр баарын тапкан* (Бөкөнбаев). *Төрт Мамытын койбостон, Жайната муштайм мээсин* («Эр Төштүк»). 2. *өт,* Акыл, акыл-эс. *Чегедей жүрөккө кадалып, мээдеги чатышкан ойлордун түрмөгү* (Ибраев).

**МЭЭ АЙЛАНУУ** 1. Акылынан адашуу, айнып калуу, алжып калуу. *Арактан мээси айланып, бир айтканын миң айткан немеден эмнени сурайт элек* («Ала-Тоо»). *Адамдын мээси айлана турган болду, чуулдабай тура тургулачы* («Ала-Тоо»). 2. **к. Баш айлануу.** 3. Өзүнчө бир чечимге келе албай башы маң болуу, эмне кыларын билбей калуу. – *Сиздин татаал суроoңузга мээм айланып, жооп таппай турам* **В.: Мээ айнуу.** *Мээси айныган чал, менин айтканыма кулак сал* («Жомоктор»). **Мээ катуу.** *Доочу келсе күнүгө, Мээң катат каңгырап* (Токтогул). **Мээси шишүү.** *Мээм шишиди да калды.* **Мээ ачуу.** *Жамалбек оюна келгенин айта берсе, кишинин мээси ачыйт* («Чалкан»).

**МЭЭ ЖЕТПӨӨ** Түшүнбөө, биле албоо. *Оймо-чиймелерине мээ жетпейт, чаташкан кооз килемдер* (Осмоналиев).

**МЭЭ КАЙНАГАН** же **МЭЭ КАЙНАТКАН** Чыдай алгыс, абдан ысыкты билдирүү үчүн колдонулат. *Адам суусап акактап, Мээ кайнаган чөл болсо, Керек болот бул сака* («Эр Төштүк»). *Мээ кайнатып тер агызган аптапта Кетмен менен ак алтындар көмүлгөн* (Турусбеков).

**МЭЭ КАЙНОО** Абдан ысуу, өтө ысык болуу. *Мээ кайнап, тилдер кургап, күндөр ысып* (Бөкөнбаев). **В.: Мээ сызгырылуу.** *Керимсел куйкаланган талаа үстүндө аптап лапылдап, мээ сызгырылат* («Ала-Тоо»).

**МЭЭ КЫЛУУ** Сүйлөй берип тажатуу, манызданып эзмелеп жиберүү. *Бир айткан кебин эки айтат, Дадаңбайды мээ кылат* (Тоголок Молдо). *Мээни ачыта турган маңыз адам эле* (Жантөшев). Эшектин мээси. *Сүйлөй берип мени мээ кылып жиберди.* **В.: Мээни ачытуу.** *Мээни ачыта турган маңыз адам эле* (Жантөшев).

**МЭЭГЕ ЧАЙ КАЙНАТУУ** *к.* **мээсине чай кайнатуу.**

**МЭЭЛЕ** Таамайлоо, кароолго алып көздөө, болжоо. *Баамдап, байкап олтурган Эмил тигини жазбай мээлеп башка атты*

(Сыдыкбеков). *Мээлесе көзду жара аткан, Мергендерди бир бөлду* («Манас»). *Сен кетпей дайым көңулдө, Сезимдин мээлеп бутагын* (Кулумбаев).

**МЭЭЛЕЙ КАКТЫ** *аңч.* Түлөгөндөн кийин куш, бүркүт семирип үндөккө келбей калуу.

**МЭЭЛЕЙ** Салааларын өзүнчө-өзүнчө (беш салаа) же бармагынан башкасы туюк кылып токулган же териден, булгаарыдан тигилип жасалган колго кийилүүчү кол кап. – *Ме, кийип ал,– дейт кемпир жалгыз бармактуу жун мээлейин чалына берип* (Байтемиров). *Тери мээлей – Керим чалдын колунда* (Маликов).

**МЭЭЛЕН мээле** этишинин өздүк мамилеси. *Балким бул мээленбей атылган октой анчейин ооздон чыгып кеткен кеп чыгар.*

**МЭЭЛЕТ мээле** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЭЭЛӨӨ мээле** этишинин кыймыл атоочу.

**МЭЭЛҮН мелүүн** менен бирдей.**МЭЭЛҮҮ** Акылдуу, акыл-эстүү. *Шахтада көп иштеген курч, мээлүү кыргыз турбайбы, – дейт Андрей Капараалыны* (Сасыкбаев).

**МЭЭН** Ыракат деген мааниде. *Отубуз күйүп оболоп, Мээн алган Улуу суу* (Даникеев).

**МЭЭНЕТ** 1. Азап, убарасы көп кыйынчылык, түйшүк. *Жакшы келсе – дөөлөт, жаман келсе – мээнет* (макал). *Ошол král кездеги кедейлер өзгөчө башынан көп мээнеттерди өткөргөн* (Каралаев). *Оодарып баштан мээнетим, Оңдочу кудай артымды!* («Казыбек»). 2. Эмгек, күч-аракет. *Мээнет кылбаса, аш өзү келеби, –дейт карыя жактырбай* («Ала-Тоо»). *Мына ушул жүзүмдү өз мээнети менен өстүрдү* (Каимов). *Мээнет катуу болсо, татканың таттуу болот* (макал).

**МЭЭНЕТИНДИ АЛАЙЫН** Айланайын деген сыяктуу жалынуу маанисинде колдонулат. *Жылдызкан, чарчаган жоксуңбу, ыя? Үлүрөйгөн мээнетиңди алайын* (Байтемиров). *– О, айланайындар! – Мээнетиңди алайындар! Чоңойдуңарбы, – дешип Сурма менен Кадыр неберелерин өбүшту* (Жантөшев). *Ошент, мээнетиңди алайын, өзүңдүн эсиң бар эмеспи* (Тойбаев). **Мейнетинди алайын.** *Мейнетиңерди алайындарым! – деп өзүнчө кобурады* («Чалкан»).

**МЭЭНЕТКЕЧ** Эмгекчил, иштегенди жакшы көргөн, эмгекти сүйгөн. *Мээнеткеч жандын кол талыткан мээнети түгул, мээ чарчаткан маселе-суроолору да көп болот* (Айтматов). *Иманахун абдан мээнеткеч жигит, жумушту сүйөт* (Абдукаримов).

**МЭЭНЕТКЕЧТИК** Эмгек кылууну, эмгекти сүйгөндүк. *Бекжандын мээнеткечтигине Ражаб устанын көзү жетип калды* (Абдукаримов).

**МЭЭНЕТТЕН** 1. Кыйналып азап чегүү, азап тартып иштөө. 2. Эмгектенүү, эмгек кылуу. *Канча жыл саргара жортуп мээнеттенген эмгегинин акыбети кайтып, бүгүн көпчүлүктүн сый-урматына татып отурат* («Кутбилим»). *Мээнеттенсе баары болот деп ойлоп, Мен да сендей чындык издеп келгенмин* (Шакирова).

**МЭЭНЕТТЕНДИР мээнеттен** этишинин аркылуу мамилеси.

**МЭЭНЕТТЕНҮҮ мээнеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**МЭЭНЕТТҮҮ** Азаптуу, шордуу, кыйын. *Мээнеттүү күнгө кабылып, Бек кейиди чиркин жан* («Манас»).

**МЭЭНҮҮ** Ыракаттанып магдырагандай, көшүлгөндөй абалда болуу. *Бир оокум ак каштарын жүрдү керип, Ал кезде жатса керек ойго мээнип (*Абдыраманов). *Жыргасын жаштар кошулуп, Жыланыш сууну мээнитип* («Эл адабияты»).

**МЭЭР мээрим** менен бирдей. *Мээри түшүп калды. Эненин мээри кандай* (Шимеев). *Тилегендин ой-тилегин болтурат, Мээри түшсө – зоболосун зор кылат* (Баласагын).

**МЭЭР ЧӨП** Чарчап-чаалыккан адамга ал күч берүүчү жомоктогу чөп. *Мээр чөп менен кулазык* («Семетей» С. К.). *Деги, Чаке, ушу сенде мээр чөп бар* (Сыдыкбеков). *Айтор, байбиче экөөңөрдүн ортоңордо кандай мээр чөп бар экенине көзүм жетпей койду* (Сыдыкбеков).

**МЭЭР-ШАПКАТ** Аёо, боорукерлик. *Караңгылык болду бала, Мээр-шапкат көтөрүлдү ич арада* (Тагай, 1916-ж.).

**МЭЭРДҮҮ мээримдүү** менен бирдей.

**МЭЭРИ ТҮШҮҮ** Жакшы көрүү, жактыруу, сүйүп калуу. *Алымбек датка али бир ооз сөз айтпай отуруп, бул адамга мээри түшүп, ичи жылып калды* (Касымбеков).

**МЭЭРИМ** Күйүмдүүлүк, кайрымдуулук, боорукердик, жароокердик, ак пейилдик. *Ушул учурда эне кадимки энелик мээрим менен элжиреп карады* (Байтемиров). *Ырларым жазган өзүң жөнүндөгү, Сезилет сүйкүм, мээрим сенден бетер* (Султанов). *Айтолду эмгектенди баш көтөрбөй, Өкүмдар мээрим төктү ченем билбей* (Баласагын).

**МЭЭРИМДҮҮ** Сүймөнчүлүк менен, сүйкүмдүү, кайрымдуу, жароокер, жайдары. *Атам эмнегедир мээримдүү жылмайып турду* («Жаш ленинчи»). *Эне деген ошондой күйүмдүү, мээримдүү, чыдамкай, кенен* (Байтемиров). *Мээримдүү болуп кечиргин, Оорутуп койсок дилиңди* («Казыбек»).

**МЭЭРИМДҮҮЛҮК** Мээримдүү, боорукер, кайрымдуу сапаттар, сүймөнчүлүк, жайдарылык. *Өзгөчө мээримдүүлүк менен тиктеген көз караштан Айна биресе жалтанып, биресе эрээркеп кетти* (Казакбаев).

**МЭЭРИМСИЗ** Мээрими жок, сүйкүмсүз,

таш боор. *Тууганбай ушундай мээримсиз киши экен ээ, – дешип туугандар өздөрүнчө кейий баштады* (Каимов).

**МЭЭРИН ТӨГҮҮ** Ичи эзилүү, жакшы көрүү, сүйкүмдүү мамиле жасоо. *Кайкыдагы чоколок таштын жанында турган кызга мээрин төгө карап койду* (Медетов).

**МЭЭРИПАЗ** Боорукер, жароокер, сүйкүмдүү.

**МЭЭРМАН** Мээримдүү, кайрымдуу, сүйкүмдүү, сүймөнчүлүктүү.

**МЭЭРМАНДЫК** Мээримдүүлүк, кең пейилдүүлүк, боорукердик, кайрымдуулук. *Эки элдин ортосундагы достук, мээрмандык жөнүндө айта кетким келет* («Ала-Тоо»). *Кызыл гвардеецтердин жүздөрүндө жылуулук, мээрмандык бар* («Ала-Тоо»).

**МЭЭСИ БӨКСӨ** Акылы тайкы, кем акыл. – *Э-эй, мээси бөксө айбан! – дейт ал* (Осмоналиев). *Мээси бөксө болгону менен, денеси чың, ишкер эле* («Ала-Тоо»).

**МЭЭСИ ЖЕТПӨӨ** Түшүнбөө, баамдай албоо. *Окуу колумдан келбейт, Сыдыке, мээм жетпейт* (Бердикеев).

**МЭЭСИ КЕҢГИРӨӨ** Бир нерсени андай албоо, ага акылы жетпөө. *Аздан соң мээси кеңгиреп, башы айланып кетти* (Укаев).

**МЭЭСИ ТУНУУ** Бака-шакадан, уу-дуудан башы ооруп кеңгирөө. – *Эй, кудай жалгагыр, болдучу, мээм тунуп кетти* (Бердикеев).

**МЭЭСИ ЧАЙКАЛУУ** Катуу урулуп, кагылып калуудан улам мээсине доо кетүү.

**МЭЭСИН ЧАГУУ** 1. Башын айлантуу, алдоо. *Далайлардын мээсин чаккан канкор басмачы акыры колго түштү* (Жоошбаев). 2. Бир нерсени кайта-кайта айта берип, жемелей берип тажатуу. *Элебес баягы көнүмүш көр жемесине салып, толуп жаткан бирдемелерди айтып, мээмди чагып жатат* (Элебаев). **В.: Мээсин эзүү.** *Анан «ууру кылба, ушак сүйлөбө» деп акылдуусунуп, аялынын мээсин эзгендер да далай* (Бердикеев).

**МЭЭСИНЕ МАЙ КАЙНАТУУ** *к.* **башына май кайнатуу.**

**МЭЭСИНЕ ЧАЙ КАЙНАТУУ** *к.* **башына май кайнатуу.**

**МЮЗИК-ХОЛ** Музыкалык акробаттык балеттик ж.б. номерлер аткарылуучу жана да комедиялар ж.б. ойнолуучу зал же театр.

**МЮЗИКЛ** Музыкалык комедия. Эстрада, опера, балет жана опереттаардын элементтери кошулган комедия мүнөздөгү чыгарма.

# Н

**НААБАЙ** Тандырга нан бышыруучу жана аны сатуучу адам. *Наабай өлүп жатса, койнунан наны чыгып жатат* (ылакап). *Наабайга доор келгенде, Эки самоор тең кайнайт.*

**НААБАЙКАНА** Тандырга нан бышыруучу жер.

**НААБАЙЧЫ** Тандырга нан бышыруучу жана сатуучу адам. *Мадалахун деген наабайчыга күнүгө бир чоң көтөрүм куурай көтөрүп барабыз* (Жантөшев).

**НААБАПТЫК** Ылайыксыз, жөнү жоктук. *Ишенген адамдарыбыз наабаптык кылып, колдон чыгарып ийишкен* (Абдыраманов).

**НААДАН** 1. Адепсиз, осол, акылсыз. *Наадандык кылган капыр – деп.* («Манас» С.О.). *Өмүрдүн билбейт кадырын жигиттин наадан начары* (Тоголок Молдо). *Алдар! – деди Көсөөгө, – бир жай адам, – Сага алдаткан эси жок кандай наадан* (Осмонов). 2. Билимсиз, окубаган, билими жок, караңгы.*Энем бир наадан болбосо, Бүгүнү жыйнап не кылат?* («Эл адабияты»).

**НААДАНДЫК** Маданиятсыздык, билимсиздик, маалыматы жоктук, окубагандык, адепсиздик. *Көөп кетмек наадандык, Көтөрүлбөй жүрүңөр* (Тоголок Молдо). *Мен турмушта учуп көрдүм куш болуп, Мерт да болдум наадандыкка туш болуп* (Турсунов).

**НААДАНЧЫЛЫК** **наадандык** менен бирдей.

**НААЛ** **наалы I** менен бирдей.

**НААЛАТ** Каргыш. *Намыстуу жигит боло көр, Наалатын албай элиңдин!* (Бөкөнбаев). *Наалатка калган душманга, Намысты колдон бербедиң* (Бөкөнбаев).

**НААЛАТ КЕЛТИРҮҮ** Сөз тийгизүү, уят кылуу. *Чоң кырсыкка учурабай, ата наамына наалат келтирбей жүрсө эле чоң болор эле* (Медетов).

**НААЛАТТУУ** Каргыш тийген, кудайдын каргышына калган. *О, наалаттуу койчулук, о шордуу койчу, туулбай өлсөңчү! Кошчунун жаны күн жааганда тынат, койчунун жаны өлгөндө тынат деген ушул белем* (Айтматов).

**НААЛАТЫ** Кудай каргагыр. *Наалаты ондойго ажал жок.*

**НААЛУУ** **наалы** этишинин кыймыл атоочу.

**НААЛЫ I** Өтүктүн такасына урула турган темир. *Наалысы алтын, жез өкчө Айдаркандын баласы, Ала көөдөн эр Көкчө* («Манас»).

**НААЛЫ II** Кейип-кепчүү, капалануу, кайгыруу. *Капитан бирөөнүн капаланганын, наалып сүйлөгөнүн өлгүдөй жек көрөт* (Жантөшев).

**НААЛЫК** *диал.* Наалуу. *Сый билбегенге наалыгам.*

**НААЛЫТ** **наалы** этишинин аркылуу мамилеси.

**НААМ** 1. Ат, ысым. – *Уулум! Кат сенин наамыңа жазылыптыр* (Баялинов). *Аскердеги агалар катты атамдын наамына жиберчү* (Айтматов). 2. Кандайдыр бир иштеген ишинин же кызмат абалын көрсөтүп расмий түрдө берилүүчү ат. *Наам берүү. Илимий наам. Аскердик наам.* 3. Урматтоо катарында берилүүчү ардактуу даража. *Кыргыз Республикасынын Баатыры деген ардактуу наам уюштурулуп, ага көпчүлүк көркөм өнөр ээлери (Ч. Айтматов, Т. Усубалиев, Т. Садыков, Т. Сыдыкбеков, А. Жумакматов, С. Күмүшалиева, Т. Касымбеков, С.Эралиев, С. Жусуев) татыктуу болушту.*

**НААМА I** 1. Кат, жазуу. 2. Китеп, чыгарма. 3. Музыкалык курал. *Наама жасап, туткун – деп* («Манас» С.О.). *Ак байгамбар Мустапа, Андан да наама жазылган* («Манас» С.О.).

**НААМА II** Окубаган, сабатсыз, караңгы. *Наама киши.*

**НААМАКӨЙ** Казалчы. *Наамакөй сурнай, чертмек, кыяк алып, Айтышып акындары эл алдында, Кыз-келин темир тилдүү комуз кагып* («Эл адабияты»).

**НААМАРТ** 1. Коркок, жүрөгү жок. 2. Пас, адам эмес, кишичилиги жок. *Эми көрдүм, эр Жантай, Эшигиң менен төрүңдү. Наамарт болсоң, эр Жантай, Мойнума алдым өлүмдү. Марттык кылсаң эми Бер, Ээрчитип кетем Мөөрдү* (Калык).

**НААМАЧЫ** Музыкалык аспапта ойноочу – өнөрпоз. *Алтымыш сегиз наамачы* («Манас» С.О.).

**НААМДУУ** Атагы чыккан, даңкы чыккан; атактуу, белгилүү.

**НААПА** Эки дөңгөлөктүү, чүмкөмөсү бар араба.

**НААР I** Тамак. *Эртең биздикине келип наар татып кеткиле* (Бөкөнбаев).

**НААР II** 1. Көбүнчө булгаарыга ныгыра басып түшүрүлгөн оюу, гүл, түр; жол-жол из. 2. Алакандагы, беттеги майда сызыктуу издер. *Колдун наары. Беттин наары.*

**НААР АЛБОО** Тамак ичпөө, эч нерсе жебөө, ооз тийбөө. *Бүгүн эртеден бери наар алганыбыз жок* (Элебаев).

**НААРАЗЫ** Ыраазы эмес, көңүлүнө жакпаган абал. *Актан топусун ала коюп, башын кашылап наараазы болгон балдарды карады* (Бейшеналиев).

**НААРАЗЫЛАН** Наараазылыгын билдирүү.

**НААРАЗЫЛЫК** Ыраазы эместик, ыраазы болбогондук. *Чүкөбай буга наараазылык түрүн салып, үнсүз-сөзсүз атын көздөй басты* (Баялинов).

**НААРАЗЫЧЫЛЫК** **наараазылык** менен бирдей. *Наараазычылыгын билдирүү.*

**НААРДАШ** Бирге тамак ичүү, тамактануу, даам татуу. *Ушул кезге чейин [Сопубек менен Казанчы] маңдай-тескей отурушуп, наардашып көргөн эмес* («Аалам»).

**НААРДАШУУ** **наардаш** этишинин кыймыл атоочу.

**НААРДУУ** 1. Наары бар, наар түшүрүлгөн, наар түшкөн. 2. Ажарлуу, өңдүү.

**НААҮМҮТ** Үмүт кылбаган, келечектен үмүтү жок. *Жалпы журтка жар салды, Нааумут бенде кетпе деп* («Манас»).

**НАБАК** Түрмө, кылмыштууларды камоочу жай.

**НАБАКТЫ** *туурасы:* **набак.**

**НАБАТ** 1. Кандайдыр бир коркунуч тууралуу, жоо кол салганда суу ташкыны, жер титирөө ж.б. кабар кылган коңгуроо үнү. 2. Дүрбөлөң салуу, бака-шака түшүрүү, кымгуут кылуу. 3. Кристалл түрүндө катырылган кант.

**НАБАТТУУ** Беделдүү, кадырлуу, асыл. *Аялдардын жоро бозо ичкени Салыйдыкынан ары уланбады. Эрмек, Таты, Зуурақан, Айша сыяктуу набаттуу аялдар эртесинде эле «аткез» кылышты* (Садыбакасов). *Инабаттуу жакшылар Эл көзүнө маардай* (Кылыч).

**НАБИ I** Пайгамбар. *Иса деген Кудай эмес. Ал наби* (Даникеев).

**НАБИ II** Пайда. *Ийри отуруп түз кеңешип, эки тарапка бирдей наби чыккыдай алака түзүүнү тынымсыз издедик* (Касымбеков).

**НАБЫТ** 1. Өлүм, өлүү. 2. Талкалануу, кыйроо. *Атышып набыт болбоңор* («Манас» С.О.). *Он эки миң кишиси набыт болуп, Абдырахман абтабачы каршылыкты токтотту* (Касымбеков).

**НАВАДА** *туурасы:* **непада.** *Ал киши навада келбей калса, ордуна башка киши жибер.*

**НАВАЙ** **наабай** менен бирдей.

**НАВАТТУУ** *диал.* Жагымдуу, жакшы кийинген адам.

**НАВИГАТОР** Навигация жагынан адис.

**НАВИГАЦИЯ** *астр.* Учуучу жана космостук аппараттарды, кемелерди башкаруу ыктарын жана алардын жүрүү багытын аныктоочу илим.

**НАГАН** Огу айланып турган барабанга салынган тапанча; жалпы эле тапанча.

**НАГАРА** Барабан, добулбас. *Тойго какчу нагара, Атемир азыр чалдырды. Ак сакалдуу улама Алтымышын алдырды* («Манас»).

**НАГЧАГИР** *диал.* Кыпчуур, кычкач.

**НАГЫЗ** Чыныгы, анык; бир нерсе кошулбаган. *Нагыз украина элине таандык бир жакшы ырды аткара баштады* (Сыдыкбеков). *Чолпонбай нагыз эр болду, Душмандан коркпос шер болду* (Осмонкул).

**НАДСТРОЙКА** Коомдун саясий, укуктук, диний, философиялык көз караштары жана ага ылайык коомдун белгилүү бир экономикалык түзүлүшүнө – базиске жараша келип чыккан саясий, укуктук ж.б. мекемелер.

**НАДЫР** *диал.* Табылбас. *Ондой надыр киши кайда?*

**НАЕСЕП** Алкы жаман, тойбос, сорунган. *Эй, сакалың кыркылган наесеп, сен эмне үчүн бир кой төлөбөй, булардын арасында жашынып отурасың?* (Жантөшев).

**НАЕТИ** Өтө эле, эң бир, абдан. *Наети жаман иш болгон экен. Үндөөнүн окулушу наяты жарты саатка жеткен жок* (Элебаев).

**НАЖАСАТ** Булганыч, ыпылас. *Кийимге жабышкан нажасатты абдан тазалаш керек.*

**НАЖАТ** Кутулуу, коргонуч. *Элимден качып, нажат издеп сизге келдим.*

**НАЖИС** Булганыч, ыпылас, шалтак. *Нажис жерди баспай жүр.*

**НАЗ** 1. Кылык, кылык көрсөтүүчүлүк. Эркелөө, эркелик. 2. Таарыныч, наараазы болуу. 3. *өт.* Кылыктануу, кылык. *Назаланып каласың* («Манас» С.О.). *Калемдей кара каштуудан, Айткан сөзү наздуудан* (Эл ырлары). *Кызы бардын – назы бар* (макал). *Аны уккан эр Манас, Бир бирине сөзү наз, Каткырыгын салганы* («Манас»). *Сулуулар бетин өптүрөт, Толгоно берип наз менен* (Токтогул). *Сен, жарыгым, аппак элең, таза элең, Сен жарыгым, наз элең да, жаз элең* (Келдибеков).

**НАЗ ТАШТОО** Кылыктана, өтө жайдары мамиле жасоо. *– Келе, алдагы далдаң кулагыңды чоеюн! – деп наз таштады* (Үмөталиев).

**НАЗАР** Көңүл бөлүүчүлүк, зээн коюучулук. *Отурган адамдардын назары жалгыз гана төрдө малдаш токунуп отурган ак сакал адамга бурулган* (Каралаев).

**НАЗАРЫ АЧ** Мээримсиз, ач көз, нысапсыз. *Жалган дүйнө! Энеден ажыраган бала назары ач болот белем* (Осмоналиев). *Байдын уулу назары ач, ыймандуу киши андан кач* (макал).

**НАЗАРЫ СЫНУУ** Көңүлү калуу, шагы сынуу. *Чоочун кишиден суук сөз укканга назары сынса да эптеп чыдап, үйгө түнөдү* (Осмоналиев). *Ошондо жаман назарың сынат экен* (Бердикеев). *Анысына ыракмат укпай, назары сынып кайтканын түйду*

(Медетов). *Шайлоодо жыгылган Ырысбектин назары сынып, айланадагылардын баары көзүнө душмансып, шөмтүрөй түштү* (Өгөбаев).

**НАЗАРЫ ТҮШҮҮ** 1. Көңүлү түшүү, жакшы көрүү сезими пайда болуу. *Ушу кымгуутта Зарипанын сулуулугуна Эдигейдин назары түштү* (Айтматов). 2. Көңүлү чөгүү, уят болуу. *Карыя алдында назарым түшүп, алсыз болдум* (Жусупов).

**НАЗАРЫН СЫНДЫРУУ** Көңүлүн калтыруу, шагын сындыруу, уят кылуу. *Талоонго алган жек-жаатынын назарын сындырып, томсорткондо Бошкой аны алкайбы?* (Бейшеналиев). *Ичине кир албай, кишиге жүрөгүн ачып, боорукер өскөн баланын назарын сындырып коёр бекен* (Өгөбаев).

**НАЗДА** Атайын көңүл бөлүү, көңүлүнө толук урматтоо, кадырлоо.

**НАЗДАН** Кылык көрсөтүү, кылыктануу. *Чоро Шекерге үңүлө тиктеп, анда-санда мурутун чыйратат, анан наздана күңүлдөгөн болот* (Касымбеков).

**НАЗДАНУУ наздан** этишинин кыймыл атоочу.

**НАЗИК** 1. Сүйкүмдүү, өтө сыпаа, сылык, наздуу көз караштуу, мамилени, кылдат чыккан уккулуктуу, жагымдуу добушту ж.б. билдирген. *Назик күү угулду* (Жантөшев). *Эшитким келет үнүңдөн, Булбулдай назик тилиңден* (Барпы) 2. Кылдат, үлбүрөк, ичке, сезимге жумшак. *Алиптей кашы чийилген, Ак жуумал назик жан экен* (Бөкөнбаев). *Назик бели байдамталдай буралган* (Үмөталиев). 3. *диал.* Таруудай майда, ортосунда тешиги бар, кооз, түстүү мончок. *Бапиктин ар бир жибине түрдүү түстөгү назиктен өткөрүптүр* (Абдукаримов).

**НАЗИР** 1. Садага, кайыр. *Манап болсо барктадың, «Назирди берди дөөм»– деп, Ар жерге барып мактадың* (Барпы). 2. Өлгөнгө арнап тамак берүү.

**НАЗИРА** *адаб.* Чыгыш адабиятында кеңири тараган жанр. Мында акын өзүнөн мурда өткөн же замандаш акындардын чыгармаларына окшотуп же ошолорго жооп кылып чыгармалар жазган.

**НАЗЫР назыр** менен бирдей. *Назыр кылып берели* («Манас» С.К.).

**НАИЧА** Кичине түтүк.

**НАЙ** 1. Музыкалык аспап – ичи көңдөй, жыгачтан, же металлдан (көбүнчө жезден) жасалган, атайын тешиктери бар түтүк чоор. *Аярлык найын салганы* («Манас» С.О.). *Сыбызгы чоор ызылдап, Жез най үнү тызылдап* («Манас»). 2. *диал.* Тамеки тартуучу түтүк. *Бириң – чылым, бириң – най, Бириң – жылдыз, бириң – ай, Экөөңө көөнүм жай* (Барпы). 3. *диал.* Мештин кернейи.

**НАЙЗА** 1. Узундугу 2–3 кулач таяктын башына учтуу темир ашталып, сайышта колдонулуучу баатырлардын, жоокерлердин жоо жарагы, куралы. *Учу болот бөрү тил, Найзанын жайын эми бил* («Эр Табылды»). *Найза саймак – эрдиктен, ат жоорутмак – тердиктен* (макал). *Мубакулдуу сыр найза* («Манас» С.О.). 2. Кирпинин, сүткордун денесиндеги ийне сыяктуу учтуу үлүгү. *Кирпинин найзасы.* 3. Карта оюнунда: туздан кийинки, таажы кийген чалдын сүрөтү тартылган карта жана анын аталышы, төрө. *Момундун найзасы.*

**НАЙЗА БОЙЛОБОО** Эч нерсе тең келбөө. *Найза бойлобой турган иштерди жасаптыр. Найза бойлобой турган сөздөрдү айтат.*

**НАЙЗАГАЙ** *диал.* Чагылган.

**НАЙЗАКЕР** Найза менен куралданган жана найза саюуга ыктуу жоокер; найза саюуга кыйын, маш киши. *Найзаны мыкты сайышкан, Ат буралып майышкан, Найзакер келсин тоюма* («Семетей»). *Экөө тең далай сайышты башынан өткөрүшүп, эч качан аттан түшүшпөгөн адис найзакерлер* (Каимов).

**НАЙЗАЛА** Найза менен саюу. *Туш келгенин найзалап, Чалкалмак баатыр кайдалап* («Эр Табылды»).

**НАЙЗАЛАШ найзала** этишинин кош мамилеси.

**НАЙЗАЛОО найзала** этишинин кыймыл атоочу.

**НАЙЗАНЫН УЧУНДА, КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ** Абдан кыйын кырдаалда, өтө опурталдуу учурда. *Алар менен найзанын учунда, кылычтын мизинде беттешебиз* (Бейшеналиев).

**НАЙЗАЧЫ найзакер** менен бирдей.

**НАЙЛУУ** Тамеки тартуучу түтүгү бар, найы бар. *Колундагы чылымы – Алтын найлуу сыр канжа* («Манас»).

**НАЙМ** *диал.* Жаш баланын нан чайнашы. *Найм-найм боорсок, какым терип ойносок.*

**НАЙРАНБАЗ** 1. Куу, алдамчы, шылуун. 2. *диал.* Көз боочу, амалкөй.

**НАЙҮМҮТ** Бакытсыз, үмүтсүз, илгери умтулбаган, үмүтүн жоготкон адам. *Найүмүт адам калбасын. Адам деген илгери умтулуш керек. Найүмүт шайтан деген.*

**НАЙЫМ** *эск.* Адат, салт. *Тегинен болот найымы, Темирден чокой тартынды* («Эл адабияты»).

**НАЙЫНСАП** Чынчыл эмес, ынсапсыз, начар адам.

**НАЙЫП** *эск.* Орунбасар, жардамчы, улук. *Ашкере кылып айбыңды, Айдатып барар найыпка* (Тоголок Молдо).

**НАК I** Акчалай берүү, кийинкиге калтырбай, ошол замат берүү, накта, акча түрүндө. *Сүйрөп жүрбөй нак берем* («Эр Табылды»).

**НАК II** Таза, эч нерсе кошулбаган, нагыз. *Нак кымыз. Уктап кеттим кызарып эки бетим, Тура албадым, нак кымыз койгон жыгып* (Шүкүрбеков).

**НАК III** Дал, так. *Андрей «Правда» газетасынын даңктуу тезис басылган номерин*

*жүрөгүнүн нак тушуна катып, Сулуктүгө чейин ала келди* (Сасыкбаев). *Бургунун өзөгүн нак толтосуна чейин катмарга житирди* (Сасыкбаев).

**НАК IV** 1. Байкуш итке минген алсыз. *Паланча сени шүнтип нак деди дейт, Шол сөзү кулагымдан кетпеди дейт* (Барпы). Алмуруттун чоң, ири сорту. *Ак алма менен нак бүткөн, Көгөрүп өсүп бак бүткөн* (Барпы). *Мөмөдөн ширин нак деген, Шириндик нерсе кант деген* (Барпы).

**НАКАЗ** Талап кылуу, каалоо өндүү өтүнүчтөр жазылып, бирөөнүн мойнуна аткарыш үчүн тагылган тапшырма. *Депутат шайлоочулардын наказдарынын орундалышын камсыз кыла алды.*

**НАКАЙ** *диал.* Анык, дал, так. *Накай чын.*

**НАКЕР** 1. Сыйга кийилүүчү кооздолгон, кайкы тумшук, кончу узун өтүк. 2. Баатырлар кийүүчү атайын жасалган ок өтпөс өтүк – жоо кийиминин бир түрү. *Кош жылаажын шыңгырап, Накери бутта кыңгырап, Теминсе Жаңыл зыңгырап* («Эл адабияты»). *Ошол кезде кабыланың, Аккула минип болкоюп, Накери бутта чойкоюп* («Манас»).

**НАКИС** *диал.* Назары пас, арам ойлуу, жек көрүнчү. *Японияда ал жерге бомба таштап ойногон, коороздукту убайрам салган накис кишилерди мокочосундай жек көргөн* (К. Жусупов).

**НАКЛАДНОЙ** Товардык материалдык мүлктүн жүгүртүлүшүн эсептөө боюнча документ. Ал бардык ишканаларда, мекемелерде колдонулуп, материалдардын келип түшүшүнүн же берилишинин так далилдөөчү документи.

**НАКТА I нак II** менен бирдей. *Акчасын накта өткөрүп алды* («Чалкан»).

**НАКТА II нак II** менен бирдей. *Накта алтымыш зээр акчаны санап берди* (Баялинов).

**НАКТАЙ нак I** менен бирдей. *Нактай каймак.*

**НАКУСТА к. накүстө.** *Адал эмгегибиз урган накуста, деп, Сакадай жек көрүү менен Кайназарды күңкүлдөп тилдей баштады* (Жантөшев)

**НАКҮСТӨ** Саран, битекарын, катуу баш. 2. Ичи бузук, ичи арам. *Мамбет мал дегенде жантыгынан жата калып, башын малга сатчу накүстөнүн өзү болучу* (Токомбаев). *Каа даны билбес накүстө, Сага ылайык эмес башым ай* («Эл адабияты»).

**НАКҮШТӨ накүстө** менен бирдей. *Накүштөдөн карыздар болбо* (макал).

**НАКЧЕГЕР** *диал.* Лакчагер, кычкач.

**НАКЧЫСЫЗ** *диал.* Өзгөчө.

**НАКЫЛ** 1. Үгүт-насият, акыл берүүчү үлгү сөз. *Накыл сөз. Накыл кеп.* 2. Акылман, акыл-эстүү. *Ар бир сөзү белгилүү, Накыл Током келгенби* (Токтогул).

**НАКЫС** *диал.* Кичирээк кайкы белес, ээр сыяктанып кеткен кичирээк бел, кайкан.

**НАЛОГ** *к.* **салык I.**

**НАМАЗ ДИГЕР** Күн батарда окуган намаз. *Намаз шам, намаз дигерде, Кары кеч күүгүм кирерде* («Эл адабияты»).

**НАМАЗ** Өзүнүн тартиби менен бир күндө беш маал аткарыла (окула) турган мусулманчылыктын негизги милдеттеринин бири. *Биз да намаз окудук* («Манас» С.О.). *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул). *Сырттан Сыдык аке кирип, намаз окумакчы болуп, өзүнүн төшөгүн түрүп, чапанын жазды.*

**НАМАЗ ЖУМА** *к.* **жуманамаз.**

**НАМАЗ ШАМ** Күүгүмдө окуган намаз. *Намаз шам, намаз дигерде Кары кеч күүгүм кирерде* («Эл адабияты»).

**НАМАЗКӨЙ** Намазын жазбаган, намазын дайыма өз убагында окуган.

**НАМАЗЫ КАЗА БОЛУУ** *дин.* Намаздын өз убагында окулбай, орундалбай калышы же кечиктирилип окулушу. **В.: Намазы бузулуу.** *Керек Султанга бурула карай салды эле, тиги намазы бузулган молдодой жыйрыла түштү* (Егиналиев).

**НАМАЗЫН ОКУТУУ** Жазасын берүү, катуу жазалоо, сазайын берүү. *Эсир күбүрөп кыжынат: – Ошолордун ташы эле кулай береби дайыма?! Шашпасын, намазын окутармын* (Осмоналиев).

**НАМАКУЛ** 1. Жүйөөсүз, туура эмес. 2. Уяттуу, айыптуу. *Мен сиздин алдыңызда намакулмун, кечирип коюңуз.*

**НАМАКЫРАМ** 1. Жакын эмес, жат, бөлөк, башка (шарыят жобосунда: аял өзүнүн күйөөсүнөн башка эркекти кароого же күйөөсү башка аялды кароого тыюу салынгандык.

**НАМАРА** *диал.* Жемиш, мөмө. *Бошогонду бекиткен, Жыгач сонун турбайбы. Намарасы тез бышкан, Гилас сонун турбайбы* (Барпы).

**НАМАРКЕН** Лакталган, жылтырак булгаары. *Намаркен өтүк. Намаркен маасы.*

**НАМАРТ** *диал.* 1. Коркок, жүрөгү жок. 2. Пас, адам эмес, кишичилиги жок. *Эми көрдүм, эр Жантай, Эшигиң менен төрүңдү. Наамарт болсоң, эр Жантай, Мойнума алдым өлүмдү. Марттык кылсаң эми бер, Ээрчитип кетем Мөөрдү* (Акиев).

**НАМАРТЧЫЛЫК** Нааданчылык, адамгерчиликсиздик. *Уктап жатканда муну өлтүрсөм намартчылык болот деп ойготот* («Эл адабияты»).

**НАМЕРКЕН намаркен** менен бирдей.

**НАМПАЙ** Ынак, жолдош, жакын. *Экөө тегеле нампай, бирисиз бири чай ичпейт.*

**НАМСИН** Эс алды, уктады. *Эр аалы жатты эле зарлык кылып, Аз гана намсин алды көзүн жумуп* («Эл адабияты»).

**НАМЫР** Буйрук, өкүм. *Асты оорутпайт пейлиңди, Намырыңдан үргөлүп* («Эл адабияты»).

**НАМЫС** Адамдын коомдо өзүн-өзү татыктуу, туура, адамгерчиликтүү алып жүрүү, сезүү сапаты. *Акыл, эс, уят, ар, намыс, Чоң касиет адамга* (Шүкүрбеков). *Кыргын салып намыс алган душмандан, Кыз Сайкалдай эрлер чыкты аялдан* (Осмонкул). *Эне төрөйт баланы, Жарайт деп түрдүү намыска* («Мендирман»). *Намыс күтүп, ар күтүп не кыласың, Катарыңдан суурулуп чыкпаган соң* (Токтогулов).

**НАМЫСКӨЙ** Ардуу, уяттуу, талаптуу, өзүнүн намысы үчүн тырышкан, намыстангыч. *Алгачкы күнкү ишиндеги олдоксондук намыскөй баланы бир четинен ызалантты, ардантты* (Бейшеналиев).

**НАМЫСКӨЙЛҮК** Намыстангандык, намыстануучулук, өз намысын сактагандык. *Агамдын алдында шагым сынып калбасын деп намыскөйлүгүнө салып, баш-оту менен киришип иштеп жүрдү* («Кыргызстан маданияты»).

**НАМЫССЫЗ** Намысы жок, намысты ойлобогон, намысын сезбеген, уятсыз, арсыз. *Арсыз, намыссыз, кыянат өлбөсөк кезигишербиз* («Совет адабияты»).

**НАМЫССЫЗДЫК** Намысын сезбегендик, арсыздык, уятсыздык. *Уурулук эң төмөнкү намыссыздык болуп калды* (Токомбаев).

**НАМЫСТАН** Арын, уятын сезүү, намыс кылуу, намысын сезип кайраттануу, ардануу; атаандашуу. *Кандын башын аттайт деп, Намыстанып калганда* («Манас»).

**НАМЫСТАНТ** **намыстан** этишинин аркылуу мамилеси.

**НАМЫСТАНУУ** **намыстан** этишинин кыймыл атоочу.

**НАМЫСТУУ** Намысы бар, уяттуу, абийирдүү. *Намыстуу жигит боло көр, Наалатын албай элиңдин!* (Бөкөнбаев).

**НАМЫСТЫ КОЛДОН ТАЙДЫРУУ** Жеңилип калуу, уят болуп калуу. *Ушунча журттун арасында агасы маскара болуп, намысты колдон тайдырганына акын абдан капа болду, кейиди* (Бейшеналиев). **В.: Намысты колдон чыгаруу.** *Бошкой ырчы жеңилип, намысты колдон чыгарганына Касымбек кыжына өкүнгөндөй ичинен катуу күрсүндү* (Бейшеналиев). **Намысты колдон кетирүү.** *Намысты колдон кетирип, маскара болгуча, өч алуунун амалын ойлоо керек, – деп, катуу кекенди* (Осмоналиев).

**НАМЫСЧЫЛ** **намыскөй** менен бирдей.

**НАМЫСЫ ОЙГОНУУ** Арына келүү, сезими козголуу. *Намыстары ойгонуп, кандары кайнап, жандарын үрөшөт* (Абакиров).

**НАМЫСЫН КОЛГО АЛУУ** Өз абийирин, беделин сактоо, жеңишке ээ болуу. *Намысын колго алууну көздөгөн чекир өңүнүн каны качып, тиш салчу жырткычтай ызырынып, эч кимге сыр айтпай бешимде аттанды* (Осмоналиев).

**НАМЫСЫНА КАМЧЫ ТИЙҮҮ** Сезимине доо кетүү, ызаланып, сынып калуу. *Кыз өлсө «теңине албагандыктан болду» деген чыгат да, күйөө бала тараптагылардын намысына камчы тиет* (Осмона-лиев).

**НАМЫЯН** Ичине акча салып алып жүрүүчү кичинекей баштыкча, капчык. *Кошой намыянынан жыйырма тыйын алып Токтогулга берди* (Токомбаев). *Ал намыянынан жүз сом суурул, маа берди. Ал мына ушундай деди да, ошол замат эле чөнтөгүнөн намыянын алып чыгып, тыкандык менен кагаздарын аңтара баштады* (Абдукаримов).

**НАН** Буудай, арпа, жүгөрү, сулу унунан жуурулуп, бышырылган тамак, токоч. *Аштык алып нан кылам, Жибек алып тон кылам* (Тоголок Молдо). *Алым нандан тиштеп, чайдан ууртады* (Жантөшев).

**НАН БОЛУУ** *өт.* Жалпаюу, былчыюу, жанчылып калуу. *Бүткөн бойдун баарысы кадимкидей нан болуп* («Манас»).

**НАН КАРМАШУУ** Антташуу, убадалашуу, бири-бирине сөз берүү. *Ошентип бул экөө Тазабектин көзүн кандай тазалоо керек деген бүтүмгө келип, арак ичишип, акырында нан кармашып, антташышкан* (Мавлянов).

**НАН УРСУН** 1. Чындыгына ишендирүү, ынандыруу маанисинде колдонулат. *Нан урсун! чын айтам. Көрсө алардын обу жок тамашасы, куудулданышы экен* (Медетов). 2. Көбүнчө каргоо, жек көрүү маанисинде колдонулат. *– Аны да ыраа көрбөй тебелетип таштадың. Нан урсун! – деди* (Өгөбаев).

**НАНИЗМ** *мед.* Туурасы кадимкидей, бирок узунунан өспөй калган адам. Эркектер үчүн – 130 *см* ылдый, аялдар үчүн – 120, организмдин ички темир секрециянын бузулушунан пайда болот.

**НАНПАР** *диал.* Бышырылган нандын бетин чеккич.

**НАНҮШТӨ** 1. Эртең мененки чай же тамак. Кээде түшкү жеңил тамак маанисинде да айтыла берет. 2. Убакыт мезгили, нанүштө учуру, нанүштө ичер маал. *Ал күнү антип жаткырып, Эртең менен нанүштө. Ар түрлүү даам таттырып* («Манас»). *Нанүштө маал кезинде* («Манас» С.О.).

**НАП** Пайда, ийгилик. *Жарык күндүн нурунан, Жан-жаныбар нап алган. Гүл ачылып, көк жайнап, Булбул куштар сайраган* (Барпы). *Эрден эрге – нап* (макал).

**НАПАЗ** Дем алуу жолу. *Напаздарың буулуп, Ыктытканың көрбөдүм* («Эл адабияты»).

**НАПАКА** 1. Бүлө каражаты, аял, балдардын каражаты. 2. Алимент, ажырашкан аялга балдар үчүн атанын төлөй турган акчасы. 3.Кудалаган кыз башкага кетип калса, кыздын атасы тартуучу айып. *Өтмө катар куда сөөк, илик-жарма кыргыз урууларынын арасындагы жашоонун оошкыйыш көрүнүштөрү: жесирдин башын ачуу, жетим акы, напака, кун, эриш бузган үчүн*

*айып жана башка эл ынтымагына доо кетирүүчү, улут биримдигин иритүүчү маанилүү маселелер ортого салынып, бийлердин, билермандардын талкуусуна түшөт* (Токтоналиев).

**НАПАТ** Өлүү, житүү, жок болуу. *Напат болду канча жан, Аз кутулду ушундан.*

**НАПИ** **нап** менен бирдей. *Кадырың билбес тууганга Напи жок какшап ыйласаң* (Санат). *Акылдууда напи көп, Акылдык сөзүн тыңдасаң* (Терме).

**НАПИЛ** Милдеттүү түрдө окулбай турган намаз. Дин ырымында: кургакчылык болсо, ай, күн тутулса, бир алаамат болсо окула турган намаздар.

**НАПИС** *диал* Назик, үлбүрөгөн, жука. *Кагаздан напис.*

**НАПСИ** Тамак жеш үчүн, бир нерсени өндүрүп алуу үчүн болгон үмүт, ниет, сугун агытуучулук. *Напси жаман кишини, Ой ойлонтсоң пара алат* (Осмонкул). *Шум напсиңди тыйбадың, Түшкөн жерде, эшеним, Кой сойбосо кыйнадың* (Барпы). *Шол напсини өлтүрүп* («Манас» С.О.).

**НАПСИСИН АГЫТУУ** Ач көздүк кылуу, сугалактык кылуу. *Калың, жеңкетай жебедик деп напсисин агытып жаткан жалгыз ушу унутчак жеңем экен* (Тойбаев). **В.: Нысабын агытуу.** *Бир өзөндүн дайрасын соолто жутсак да тойбочудай нысабыбызды агытуудабыз* (Медетов).

**НАР I** Жалгыз өркөчтүү төө. *Жүктүн оорун нар көтөрөт* (макал). *Жетимиш кызыл нар айдап* («Манас» С.К.). *Жүк көтөрсө ообогон, Баатыр атам нар эле* («Эл адабияты»).

**НАР II** Полдон бир аз бийик кылып, тактайдан төшөп, жатуу үчүн ылайыкталган секиче. *Бойро төшөлгөн нардын үстүндө уйку анчалык таттуу болчу эмес* (Сасыкбаев).

**НАР КЕСКЕН** Өтө курч (төөнүн чону нарды да жара чапкан деген мааниден алынган) болот кылыч. *Кара болот нар кескен* («Семетей» С.К.). *Уста менен дос болсоң, нар кескенин аларсың* (макал). *Жакын келсе чалалы деп, Нар кесер кылыч кадаттым* («Эл адабияты»). *Нар кескенди байланып, Артынан колду айдады* («Эл адабияты»).

**НАРААК** **арыраак** менен бирдей.

**НАРВАН** *диал.* Шаты, баскыч.

**НАРГИЯ** Чөптүн бир түрү.

**НАРДАН** *бот.* Апельсин.

**НАРДЫ** Орто Азияда жана Кавказда кеңири таралган оюн.

**НАРЕК** *диал.* Тоо эчкинин улагы, текечер.

**НАРЗАН** Көмүр кычкылдуу дарылык касиети бар минералдык суу. *Көргөн жан айраң калгандай, Түгөнгүс нарзан кенин көр* (Токомбаев).

**НАРИСТЕ** 1. Жаш бала, балагатка жете элек бала. *Бешигинде эрке, куунак, наристе* (Токомбаев). *Байкушум эч кандай арамзасы жок, жаткан бир ишенчек, дагы эле наристе бойдон* (Айтматов). 2. *өт.* Кагылбаган, жаш, тажрыйбасыз.

**НАРК I** 1. Акча бирдигинин өлчөмү менен туюнтулган бир нерсенин баасы. *Базардагы сооданын, Наркын билбейт балалык* (Токтогул). 2. Бир нерсени өндүрүү үчүн жумшалган каражат жана ал нерсенин жумшалган каражатка жараша акча бирдиги менен өлчөнгөн баалуулугу. *Кошумча нарк. Өзүнө турган нарк. Товардын наркы.*

**НАРК II** Салт, жорук-жосун, адат, жолжобо. *Бир Акман эмес, ушул үйдө отургандардын көбү нарк сактаган кишилер* (Сыдыкбеков). *Конок келсе сыйлаган, Наркы сонун кыргыздын* (Барпы).

**НАРК-НАСИЛ** **нарк II** менен бирдей.

**НАРКОБИЗНЕС** Наркотик менен соода ишин жүргүзгөн бизнес.

**НАРКОЗ** Оорутпоо жолу менен организмдин кээ бир жерин же бүтүн бардыгынын сезүүсүн (сезимин) жоготуу, уктатуу препарат.

**НАРКОЛЕПСИЯ** Куш уйкулуу. Уйкусу анчейин узакка созулбаган адам. Бул борбордук нерв системасынын дартынын белгиси.

**НАРКОЛОГ** Наркология боюнча адис, врач.

**НАРКОЛОГИЯ** Наркоз жөнүндөгү илимий окуу.

**НАРКОМ** *тар.* Эл комиссары.

**НАРКОМАН** Наркомания менен жапа чеккен адам.

**НАРКОМАНИЯ** 1. Наркотикалык өсүмдүктөрдөн алынуучу заттарды, ооруну сездирбей уктатуучу (барбитураттарды), дарыларды (морфий), о.э. фенаминди көп убакыт кабыл алуунун натыйжасында пайда болгон оору. 2. Наркотикалык дарылардын күн сайын өлчөмүн жогорулатып колдонуучу, анын залдарынан наркотикалык заттарга көз каранды болуп калгандык.

**НАРКОМАТ** *тар.* Эл комиссариаты.

**НАРКОМАФИЯ** Наркотиктерди даярдап өткөрүү ишин уюштурган кылмыштуу уюшулган топ.

**НАРКОТИЗАЦИЯ** *мед.* Наркотик менен уктатуу, мас кылуу.

**НАРКОТИК** Мас кылуучу, уктатуучу, талытуучу заттар. Мисалы, алкоголь, кокаин, апийим, бром ж.б.

**НАРКТУУ** Баалуу, нускалуу. *Демченко бир катар нарктуу сөздөрдү сүйлөдү* (Убукеев).

**НАРОДНИКТЕР** *тар.* Россияда 1861-жылы дыйкандар реформасынан кийин келип чыккан. Алар дыйкандарды негизги революциячыл күч, дыйкандар общинасын социализмди куруунун негизи деп эсептешкен. Россияда капитализмдин өнүгүшүн танышып, жумушчу табынын өсүшүн кө-

рүшпөй, революциячыл күрөштү чечүүчү күч деп санашпай, жеке террорду колдошуп, реакциячыл саясатын жүргүзүшкөн.

**НАРПОС** Сары түстөгү боёкту даярдоо үчүн колдонулуучу анардын кабыгы.

**НАРЦИСС** 1. *а.ч.* Жалбырагы тасма сымал, гүлү көбүнчө сары, ак түстүү, пияз түстүү көп жылдык өсүмдүк уруусу. 2. *өт.* Өз сулуулугуна өзү корстон болгон адам.

**НАРЧА** Жаш, бир өркөчтүү төө, ингген. *Байгесинин башына, Тогуз нарча төө сайган* (Токтогул).

**НАРЫ** **ары** менен бирдей.

**НАРЫ БАРЫП, БЕРИ КЕЛҮҮ** Өтө кыйналуу, катуу оорудан кайра тартуу, өлүмдөн калуу. *Аялдын бир ажалы төрөт дешет экен, демек аял кыйналып: нары барып, бери келет го?* (Абдукаимов).

**НАРЫДАН БЕРИ** *к.* **арыдан бери.**

**НАРЫН** 1. Майда тууралып үстүнө чык куюлган эт, тамак. *Ак боз бээни сойдуруп, Тамак ичип кетсин деп, Нарын тартып койдуруп* («Манас»).

**НАРЯД** 1. Кандайдыр бир жумушту иштөө тууралуу оозеки же жазуу жүзүндө берилген буйрук. *Эртең иштеле турган иштердин нарядын берди* (Убукеев). 2. Бир материалды берүү тууралуу жазып берилген документ, ордер. *Отун алууга наряд.* 3. *сог.* Аскер кызматчысы тарабынан аткарылууга тийиш болгон кандайдыр бир тапшырма, жумуш. 4. *сог.* Ушундай тапшырманы, жумушту аткаруучу аскерлердин тобу, бөлүгү. *Милициянын наряды.*

**НАРЯДЧИК** **нарядчы** менен бирдей.

**НАРЯДЧЫ** Кандай жумушчу аткаруу керек экендигин белгилеп, наряд берип турган адам.

**НАС I** **насыбай** менен бирдей. *Беш күн сени көрбөсөм, Нас чеккен наскечтей* («Эл адабияты»).

**НАС II** Жайдары. *Экинчиси – көпкөндүк, үчүнчүсү – көңүл нас* («Эл адабияты»).

**НАС III** Кара жолтой, ыпылас. *Буга бир кызыкты көрсөтөйүн деп, күлүп чайнектеги суудан төш талаштыра чачып калдым: – Чык, нас, чык! Мыкты дирт эте башын көтөрүп ала коюп, канталаган көзүн бет алдына кадаган бойдон бир саамга селдее түштү* (Касымбеков) *Балаа баскан нас күнү* («Манас» С.О.). *Эчки күүймүн деп жүрүп, Жолугупсуң наска – деп* («Эл адабияты»).

**НАСААТ** **насыят** менен бирдей.

**НАСАК** *диал.* Ооруу, сак эмес, илдеттүү. *Бул элдик жапырыкта колунан ажыраган, эч качан скрипка ойной албай калган насак Фумико да баратты* (Жусупов).

**НАСБАЙ** *туурасы:* **насыбай.**

**НАСИЛ** Түпкү теги, тукуму. *Теги насилиң артык жаралган, Чаке...* (Сыдыкбеков).

**НАСИЛДЕШ** Насили бирге, түпкү теги окшош, тектеш, тукуму бирдей. *Арашанга насилдеш болобу деп болжосом* (Молдо Кылыч).

**НАСИЛИ** **насил** менен бирдей. *Насили манап.*

**НАСИП** 1. Тагдыр, жазмыш тарабынан белгиленген ырыскы. *Калкымдан насип жок болсо, Кайрылып элди табамбы* (Токтогул). *Өзүнүн кылган кесиби, Мергенчилик насиби* (Калык). *Арамы менен Адалдын, Насибинин баарысы – Маңдайына келгени* («Манас» С.О.). 2. *өт.* Тамак, тамак-аш, оокат. *– Келиңиздер, биздин үйдөн насип ооз тийиңиздер!* (Сыдыкбеков). *Биздин эл толу аяктан насип көтөрүп көнгөн* (Сыдыкбеков).

**НАСИПСИЗ** Насиби жок, ырыскысыз.

**НАСИПТҮҮ** Насиби бар, ырыскылуу.

**НАСОС** *тех.* Суюктукту же газды сордуруп алуу же сордуруп чыгаруу үчүн колдонулуучу машина, курал. *Кош фильтрден дайым өткөн бензини, Насосту да керек кылбайт дембе-дем* (Токомбаев). *Нефть өнөр жайларында штангасыз электр насосторун колдонуу белгиленген.*

**НАСПАЙ АТЫМ** Бир азга, бир саамга, анчалык узак эмес. *Аман дымып, наспай атымга үнчүкпай, чар тарапка суктанып карап турду* (Бердикеев). *Зулайка наспай атым убакыт өтпөй операция столунун үстүндө жатты* (Бердикеев).

**НАСТОЙКА** Жемиш, жыпар жыттуу же дары чөптүн маңызын тундурмасы. *Чие настойкасы.*

**НАСЫБАЙ** Чекендинин, арчанын ж.б. күлү, акиташ кошулуп ийленип, эринге салып атуучу тамекинин түрү. *Дыйкан мүйүз чакчасынын чагарагын шылдырт-шылдырт эттирип, алаканына насыбай экчеп алды да, эрдине салды* («Ала-Тоо»). *Каныбек, жүгүрүп барып насыбай алып кел* (Жантөшев).

**НАСЫБАЙЧЫ** Насыбай атуучу, насыбай чегүүчү киши. *Өтүкчүнүн үйү апырык менен сапырык, Насыбайчынын үйү – какырык менен түкүрүк* (ылакап).

**НАСЫЙА** *диал.* Ачык саргыл гүл алып, өзү байчечекейге окшош келип, тоолуу жерде өсө турган өсүмдүк. *Насыйа деген гүлдөн ала кел.*

**НАСЫЙКАТ** **насыят** менен бирдей. *Бул насыйкат мага калган, Бул насыйкат сага калган* (А. Рыскулов).

**НАСЫЯ** 1. Кийин кайра кайрып бере турган же баасын бере турган шарт менен алынган карыз. *Насыяга бер. Эмне үчүн атамы Атабек ушунчалык насыя кылат?* (Жантөшев). *Эгин-тегинге, чөп-чарга, отун-сууга каралашып берип, насыяңарды үзөрсүңөр* (Жантөшев). 2. *өт.* Бөөдө, курулай, эч негизи жок. *Насыя таяк жеди. Насыя жалаага калды.*

**НАСЫЯЛА** Насыя алуу, карыз алуу.

**НАСЫЯЛУУ** Карыздар, насыясы, карызы көп. *Колдогу бар малдан ажырап, анын үстүнө элге насыялуу болуп, ..кайта оор турмушка учурадык* (Баялинов).

**НАСЫЯТ** Акыл-кеңеш, акыл-кеңеш берип, үлгүлүү, жакшы жүрүүгө үндөй айтылган сөз. *Көп насыят айтыптыр* («Манас» С.О.).

**НАСЫЯЧЫ** Кредитор, карыз чогулткан адам.

**НАТО** Түндүк Атлантика блогунун кыскартылган аты, империалисттик согуштук-саясий блок.

**НАТРИЙ** Күмүш сыяктуу ак түстөгү щелочтуу жумшак металл, хим. элемент.

**НАТРИЙЛҮҮ** Курамында натрий бар. *Натрийлүү кошундулар.*

**НАТУРА** 1. Адамдын кебете-кешпири, турган турушу, мүнөзү. 2. Реалдуу бар нерсе, чындык. 3. *иск.* Сүрөтү тартылып, сүрөткө түшүрүлүп алына турган табигый жана жандуу үлгү, көрүнүш. 4. Акча ордуна төлөнүүчү, айырбаш кылынуучу товар, азык-түлүк ж.б.

**НАТУРАЛАЙ** Натура түрүндө, накталай. Эмгек акыны азык-түлүк менен төлөө. *Колхозчуларга эмгек акы натуралай (эгин, эт, сүт, май, картошка ж.б.) төлөнгөн.*

**НАТУРАЛИЗМ** Турмушту көркөмдөп көрсөтүү эмес, анын фотографиялык көрүнүшүн гана көрсөтүүгө тырышуучу адабияттагы жана искусстводогу багыт.

**НАТУРАЛИСТ** 1. Табиятты үйрөнүүчү адам. 2. Натурализмди жактоочу.

**НАТУРФИЛОСОФИЯ** Табият жөнүндөгү идеалисттик философия окуусу.

**НАТУРЩИК** Сүрөтүн же кебетесин тартып алуу же скульптура жасоого келтирүү үчүн ар кандай абалда сүрөтчүнүн, скульптордун көз алдында болуучу киши.

**НАТУУРА** Терс, жаман, дурус эмес, туура эмес. *Токтор балдардын жүрүш-турушундагы ар бир натуура көрүнүштөрдү өтө кылдаттык менен түшүндүрөт* (Абдукаримов). *Бир топ натуура иштерди чогулушта талкууладык.*

**НАТЫЙЖА** Жыйынтык, корутунду. *Үчөөнүн аз күндүк аракеттеринин натыйжасы көрүнө баштады* (Убукеев). *Мына күрөштүн, эмгектин натыйжасы* (Бөкөнбаев). *Тажрыйба жакшы натыйжа берди.*

**НАТЫЙЖАЛУУ** Натыйжасы жакшы, жемиштүү, ийгиликтүү. *Көрдүңбү, биздин көтөргөн демилге натыйжалуу болгону турат* (Таштемиров).

**НАТЫЙЖАСЫЗ** Натыйжасы начар, ийгиликтүү эмес жыйынтыксыз. *Баланын иши чала дегендей, Рыскул натыйжасыз иш баштап алып, өзүн да, башкаларды да убарага салды* («Ала-Тоо»).

**НАТЮРМОРТ** Кандайдыр бир топтошкон жансыз нерселерден тартылган сүрөт же чийме жана сүрөтү тартылуучу ошол жансыз нерселер.

**НАУШНИК** 1. Кулакчын. 2. Кулакка коюп угуучу аспап.

**НАФТАЛИЗОЛ** Дезинфекциялоочу дары.

**НАФТАЛИН** Ак түстөгү, дүүлүктүрмө жыттуу кристалл зат (көбүнчө техникада, ошондой эле жүндү, жүндөн жасалган буюмдарды, терини ж. б. күбөдөн сактоо үчүн колдонулат).

**НАФТИЗИН** Кан тамырларын тарытуучу дары.

**НАФТОЛ** Боёк өндүрүшүндө колдонулуучу нафталинден алынган химиялык кошулма.

**НАЦИЗМ** Германдык фашизм.

**НАЦИСТ** *тар.* Германиялык фашисттик партиянын мүчөсү.

**НАЧАЛЬНИК** Жетекчи. *Станция начальниги. Курулуш начальниги. Штабдын начальниги.*

**НАЧАР** 1. Алсыз, күчү жок. *«Начар экен бат оңолсун бала» – деп, Шашып турдуң чала уйкулуу ордуңдан* (Осмонов). 2. Жаман, дурус эмес, алымсындыраарлык эмес. *Сабыр, сабакты начар өздөштүргөн балдардын үйлөрүнө кирип жүрдү* (Сыдыкбеков). *Ушул колхоз начар болуп оңолбой койгондо, мен оңдоймун деп өзү келген дейт* (Сыдыкбеков).

**НАЧАРЛА** Абалы, күч-кубаты төмөндөө, начар боло баштоо. *Ажардын абалы күндөн күнгө начарлады* (Жантөшев).

**НАЧАРЛАТ** **начарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**НАЧАРЛОО** **начарла** этишинин кыймыл атоочу.

**НАЧЁТ** *бухг.* Кайта төлөөгө тийиш болгон чыгым. Кайтарылып берилүүчү каражат.

**НАША** **нашаа** менен бирдей.

**НАШАА** Кара куурайдын данынан жасалып, тартканда баш айландыруучу, сезимди начарлата турган уулуу зат. *Жусупахун күн сайын мас болуп, нашаа чеге баштады* (Жантөшев).

**НАШААЧЫ** Нашаа тарткан киши.

**НАШАТЫР** Техникада жана медицинада колдонулуучу ак кристаллдуу зат, хлордуу аммоний.

**НАШАЧӨП** *диал.* Кичине, кыска өскөн өсүмдүктүн аты. *Наша чөптүн бир балээси бар го.*

**НАШПУРТ** *диал.* Алмурут.

**НАШТАР** Медициналык атайын аспаптардын бири. Кан алууда, туюк жараны тилип, чегип тазалоодо пайдаланылуучу учу курч, ичке табыптык курал, бычак. *Токтогон окту наштарлап, Тилип жаткан дагы бар* («Манас» С.О.). *Наштар менен мылгытып, Тилип аткан сандан көп* («Манас» С.О.). *Наштарын сууруп беленден, Кан алууга күтүндү* («Эл адабияты»).

**НЕ I** **эмне** менен бирдей. *Бу не деген ыза, не деген кордук* («Ала-Тоо»).

**НЕ II** **же** менен бирдей. *Не изи, не тарпы жок* («Ала-Тоо»).

**НЕ БАР, НЕ ЖОК** Эмне болот, кандай болот, билип болбойт деген сыяктуу алдын ала кам көрүү маанисинде. *Көп жол басасыңар, согушка киресиңер: не бар, не жок, жеп*

*ал, садага болоюн* (Абдукаимов). *Аялынын оор абалынын жашырганын түшүнүп, не бар, не жок деп айлынан келген жеңил машинаны дайындап койду* (Сыдыгалиев).

**НЕАНДЕРТАЛЕЦ** Азыркы адамдан айырмалуу, муз доорунда жашаган байыркы адам.

**НЕБАК** Алда качан, мындан көп убакыт мурда. *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жабырап чыга баштады* (Сыдыкбеков). *Элдин бардыгы небак жатса дагы, Ажардын колу бошободу* (Жантөшев).

**НЕБЕРЕ** Уулунун же кызынын баласы, баласынын баласы. *Эшиктен жаңы кирген чоң энеси китеп окуп отурган небересине ичи жылып, аны эркелетти* (Сыдыкбеков).

**НЕБИРЕ небере** менен бирдей.

**НЕВРАЛГИЯ** *мед.* Нерв системасындагы айрым бир сезгенүүлөрдөн улам организмдин бөлүгүндөгү сыздап ооруну сезүү.

**НЕВРАСТЕНИЯ** *мед.* Нерв системасынын кызматы алсыроодон келип чыккан дарт. Начарлагандык.

**НЕВРИКОМАТОЗ** *мед.* Денеге көптөгөн нервдик шишиктер пайда болуу менен мүнөздөлгөн оору.

**НЕВРИТ** Нервдин сезгениши, анын тегерегиндеги эттин ооруп сыздашы.

**НЕВРОДЕРМАТОЗ** *мед.* Нерв ткандарынын функциясына байланыштуу теринин кычышкан оорусу.

**НЕВРОЗ** *мед.* Нерв системасынын кызматынын жалпы бузулушу. Дарт жашоо процессине анчейин таасир бербей иленсалаң болгон учурлар.

**НЕВРОЛОГИЯ** *мед.* Адамдын жана жаныбарлардын нерв системасынын өсүшү, функциясы жана структурасы жөнүндөгү, о.э., нерв ткандарынын биохимиялык курамы жөнүндөгү маселелерди изилдөөчү илимдердин жыйындысы.

**НЕВРОПАТОЛОГ** Невропатология жагынан адис, врач.

**НЕВРОПАТОЛОГИЯ** *мед.* Нерв системасынын оорулары жөнүндөгү окуу.

**НЕГАТИВ** 1. *фото.* Жарык сезгич пластинкага түшкөн кара жери ак, ак жери кара болуп көрүнүүчү сүрөт, сөлөкөт. 2. Тескери, терс.

**НЕГАТИВИЗМ** 1. *психол.* Психикалык жапа чеккен адамдын сыртк көрүнүштөргө себепсиз каршылыгы. 2. Балдардын жана өспүрүм балдардын болгон нерселерге атайылап каршы иш жасоо абалы.

**НЕГИЗ** 1. Кандайдыр бир нерсенин, курулуштун ж.б. таяныч болгон бөлүгү. 2. Бир нерсенин түпкү мааниси, башкы жоболору, уюткусу. *Саясий экономиканын негиздери. 3. грамм.* Сөздүн уңгудан же уңгу менен сөз жасоочу аффикстен турган бөлүгү.

**НЕГИЗГИ** Башкы, орчундуу, түпкү. *Рыскулбектин негизги тилеги көңүлдөгүдөй болуп чыкты* (Токомбаев).

**НЕГИЗДЕ** 1. Баштоо, башталыш негизин салуу. *Негиздеп поэзияда көркөм форма, Жапжаңы идеялуу мазмун таптың* (Токомбаев). 2. Орчундуу, олуттуу далилдерге таянуу. *Врачтар канча өстү экен, Айтып көрчү негиздеп, Укканда кумар тарасын* (Осмонкул).

**НЕГИЗДЕЛ негизде** этишинин туюк мамилеси.

**НЕГИЗДЕТ негизде** этишинин аркылуу мамилеси.

**НЕГИЗДӨӨ негизде** этишинин кыймыл атоочу.

**НЕГИЗДӨӨЧҮ** Негиз салуучу. *Токобаев кыргыз драматургиясынын туңгуч негиздөөчүлөрүнөн* («Кыргызстан маданияты»).

**НЕГИЗДҮҮ** Башкы, орчундуу, олуттуу. *Бүгүнкү саякатта ошол белгиленген милдеттердин негиздүүлөрү аткарылмак* (Сыдыкбеков).

**НЕГИЗСИЗ** Жөнү жок, олуттуу себеби жок, далилсиз.

**НЕГОЦИЯ** Коммерциялык бүтүм, соода.

**НЕГРЛЕР** Тропикалык Африкада жашоочу негроид расасына кирүүчү жергиликтүү элдин негизги бөлүгү.

**НЕГРОИД** Кара түс, тармал чач, кең мурун ж.б. белгилери менен айырмаланган адамдар расасы жана ушул расанын өкүлү.

**НЕЗ БОЛУУ** Дал болуу, жалдырап эстен танып эмне кыларын билбей калуу. *Көп ойлонуп нез болду* («Манас»). *Алтыбайдын акылы кетип нез болуп* («Эр Табылды»). *Нез боло түшкөн Үпөл тамдын сырткы эшигинин ачкычын араң тартты* (Бердикеев). *Алтыбайдын акылы кетип нез болуп* («Эр Табылды»). **В.: Нес болуу.** *Барсам кабинетинде жалгыз отуруптур, нес болуп катып калыптыр* (Бердикеев).

**НЕЗ** Дүлөй, керең, макоо.

**НЕЙЛОН** Жасалма буланын бир түрү жана о.э. буладан жасалган кездеме.

**НЕЙРО** Кандайдыр бир нерсенин нерв клеткасына, нерв системасына, нервге тиешелүүлүгү. *Нейрохирургия.*

**НЕЙРОН** *мед.* Нерв клеткасы, нерв системасынын негизги бөлүгү. Нейрон рецептордордон башка нейрондордон келген сигналдарды кабыл алып, аларды нерв импульсу аркылуу иштөөчү органдардагы нерв учтарына жеткирет.

**НЕЙРОХИРУРГИЯ** Хирургиялык жол менен нерв оорусун дарылаган медицинанын бөлүмү.

**НЕЙТРАЛДУУ** Бейтараптуу, эки жактын экөөнө тең тиешелүү эмес, калыс.

**НЕЙТРАЛДУУЛУК** Эч кимисине кошулбай калыс туруучулук, бейтараптык; биреөлөрдүн чыр-чатагына, ич ара кыжы-кужусуна катышпоочулук.

**НЕЙТРАЛИЗМ** Башка мамлекеттер же мамлекеттер тобу менен өзүнүн мамилесинде нейтролитетти негизги принцип жарыяланган мамлекеттин саясаты.

**НЕЙТРАЛИТЕТ** 1. Бирөөлөрдүн чыр-чатактуу жаңжалына, эки тараптын ортосундагы күрөшкө кийлигишпөөчүлүк. 2. Мамлекеттин бөтөнчө укуктук статусу, бул мамлекеттин тышкы саясий багыты анын куралдуу конфликтилерге (согуштарга) жана аскердик-саясий союздаштарга катышпоо менен мүнөздөлөт.

**НЕЙТРОН** *физ.* Атом ядросунун ичиндеги электр заряды жок бөлүгү.

**НЕКРОБИОЗ** Өлгөн клеткалар.

**НЕКРОЗ** *а.ч.* Айрым органдардын же анын бөлүгүнүн, ткандын же клетканын иштебей, жансыз болуп калышы.

**НЕКРОЛОГ** Каза болгондугуна байланыштуу анын өмүр баяны, иши жөнүндө жазылган макала.

**НЕКРОПОЛЬ** *археол.* Мүрзө, көрүстөн. Байыркы мезгилдердеги шаарлардагы көрүстөн.

**НЕКТАР** 1. *миф.* Байыркы грек дини менен мифологиясында мүрөктүн суусу сыяктуу кудайлар ичүүчү суусун. 2. *бот.* Өсүмдүктөрдүн таттуу гүлүнүн ичиндеги ширеси.

**НЕОЛИТ** *тар.* Жаңы таш доору, ташты иштетүүнүн жаңы ыкмалары, таш доорунун аягы, б.з.ч. 6000-жылдыктын аягынан башталып, түрдүү аймактарда ар кандай мезгилде аяктаган.

**НЕОЛОГИЗМ** *линг.* Тилдин кандайдыр бир мезгилде пайда болгон же кепке бир гана жолу колдонулган (окказионалдык, автордук) сөздөр, сөз маанилери же сөз айкаштары.

**НЕОРОМАНТИЗМ** XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башындагы мурдагы романтизмди жандандыруу, романтизмдин принциптерин адабиятка киргизүү үчүн аракет жасаган агым.

**НЕОФАШИЗМ** Жаңы тарыхый кырдаалга ылайыкташып, демократиялык, прогрессивдүү түзүлүшкө кас, душман болгон, өтө ашынган реакциячыл партия, өкмөт, фашизмдин эле өзү.

**НЕОФИТ** Өз дининен чыгып, кандайдыр бир башка динге бурулгандар, кайрылгандар. Кандайдыр бир окуунун талапкери.

**НЕОФРЕЙДИЗМ** Фрейдизмди жокко чыгарып, социалдык же маданияттык детерменизмдеги инсандын калыптанышын багыт алган азыркы философиянын жана психологиянын тармагы.

**НЕПАДА** Кокус, кокустан. *Непада ал келбей калса да, биз ишти баштай беришибиз керек.*

**НЕПОТИЗМ** 1. Рим папасы өз бийлигин чыңдоо үчүн жогорку бийлик орундарын, наамдарды жана жерлерди туугандарына таратып бериши. 2. Тууганчылык, жакын адамдарды жетекчилик кызматка коюу.

**НЕПТУН** *астр.* 1. Күн системасындагы планета. 2. Байыркы Рим дини менен мифологиясында суу, деңиз кудайы.

**НЕРВ** *анат.* Мээ менен жүлүндөн тарамтарам болуп денеге таралган организмдин ар түрдүү аракеттерин башкарган тамырлар. *Көрүү нерви. Угуу нерви.*

**НЕРВГЕ ОЙНОО** Жинин келтирүү, чыдамын кетирип, кычыгына тие берүү. *Батима энтигип: – Тойдум, ушундай нервге ойногон ичкич эрдин барынан жогу! Жолой жок болсо доочу жок, нервим тынч! Сатам!* (Өзүбекова). **В.: Нервге тийүү.** *Апал ого бетер нервине тийип: – Ой, сенин алкаш эриң кимге керек, саталбайсың!* (Өзүбекова). **Нервди бузуу.** *Бирок, андай коркунучтуу эч нерсе болуп өтпөсө да, ошол ушак-айыңдар канча нервди бузбады дейсиз* («Советтик Кыргызстан»).

**НЕРВИЗМ** Физиология илиминдеги бир түшүнүк, организмдин тиричилик аракетин тейлөөдө нерв системасы башкы ролду ойнойт деген теориялык багыт.

**НЕРСЕ** Аты аталып көрсөтүлбөгөн кандайдыр бир буюм, зат. *Токтогул жанын сыйпалап эч нерсе таба албайт* (Бөкөнбаев).

**НЕС** Эстен тануу, делдиреп калуу. *Негедир нес болгондой делдейишип, Кан иччү кайратынан калат бошоп* (Өмүрканов). *Нес болгон ашыктын илебинен, ээлигип, жаш жүрөгү дир-дир эткен* (Абдыкадыр уулу Орозалы).

**НЕСТОРИЙ ЖАЗУУЛАРЫ** *тар.* XII–XIII кылымдагы несторий динindeги мүрзөсүнө коюлган таштагы жазуу.

**НЕФРИТ** 1. *мед.* Иммундук бузулуулардан же суук тийүүдөн бөйрөк сезгениши. 2. Таш жана коло доорунда эмгек куралын жасоо үчүн колдонулган, жакшы жылмалануучу жашыл же агыш түстүү минерал. Нефрит курулушта кооздук үчүн, айрыкча Азияда пайдаланылат.

**НЕФРОЗ** *мед.* Бөйрөктүн бир түрлүү дарты.

**НЕФТЬ** Отун катарында колдонулуучу жана ошондой эле керосин, бензин, вазелин ж.б. сыяктуу продуктыларды өндүрүп алуу үчүн сырьё катарында колдонула турган кара же кара кочкул түстөгү май сыяктуу суюк, минералдык зат, жер май. *Нефть таптык кылым бою уктаган* (Токомбаев).

**НЕЧЕ** Кандайдыр бир санды сурап белгилөө үчүн колдонулат. *Нече жашта? Нече күндө?*

**НЕЧЕН** Бир нече, бир топ, алда канча.

**НЕЧӨӨ** Канча экендигин жалпылай айтуу үчүн колдонулат. *Нечөө экен билүүгө, Эриксизден санатат* (Үмөталиев).

**НИГИЛИЗМ** *саяс.* Бардык кабыл алынган баалуулуктарды, идеяларды, моралдык нормаларды, маданиятты, коомдук турмуш формаларын тануу, жерүү, өгөйлөө.

**НИГИЛИСТ** 1. XIX кылымдын 60-жылдарында Россияда пайда болуп, дворян

маданиятынын принциптерине, анын салттарына самодержавиелик түзүлүшкө жана крепостнойлук идеологияга каршы көз караште турган разночинец-интеллигент. 2. Жалпыга таанылган нерселердин бардыгына терс мамиле жасоочу адам.

**НИЕТ** Каалаган, үмүт кылган ой, тилек, ой-санаа. *Арабанын үстүнөн колтуктап түшүрүүгө ниетин билдиргендей, Алымдын оң колтугунан кармай алды* (Жантөшев). – *Адамдын ниети дурус болсо болгону, апа* (Сыдыкбеков). *Акман өз ниетинде карылыкка ашыккан киши эмес* (Сыдыкбеков).

**НИЕТИ АК** Оюу тунук, кишиге жамандыгы жок, арамдык ойлобогон. *Ниети ак, пейли дурус кишилер дайыма ушундай болот* (Саатов).

**НИЕТИ БУЗУК** *к.* **кара ниет.**

**НИЕТИ КАЛЫС** Чын жүрөктөн, жакшы тилек менен. *Топудай болгон Алымкул, Тосуп алды атасын. Бу да ниетинин калысы* (Токтогул).

**НИЕТИ КАРАЮУ** Пейили бузулуу, оюна жамандык келүү, жаман ой пайда болуу. *«Ит ач болсо ээсинин этин жейт, задисин карачы», – деди ниети карайып* (Касымбеков). *«Карачы, катынга чаргытканын карачы?!» деп, ниети карайып, тилмеч кабагын үйрүп ойлонуп кетти* (Касымбеков).

**НИЕТИ ЧАППОО** *к.* **пейли чаппоо.**

**НИЕТТЕН** Ниет кылуу, ой кылуу, ойлоо, ойлонуу. *Балдар карыянын кызыктуу уламадан айтып берүүгө ниеттенгенин сезишип, тегеректешти* (Бейшеналиев).

**НИЕТТЕНҮҮ** **ниеттен** этишинин кыймыл атоочу.

**НИЕТТЕШ** Ниети, оюу бирдей, тилектеш. *Ушундай сөздөрдү укканда Салык менен Мамбеткул түгүл аларга ниеттеш кишилердин кабыргасы кайыша турган* (Каимов).

**НИКЕ** Үйлөнүү, үйлөнүү ырым-жырымы. *Айна закондуу никеңер кут болсун* (Байтемиров).

**НИКЕ КУТПА** Нике кыйганда окулуучу аяттар, сөздөр. *Ак сакалдуу улама Алтымышын алдырды. Никеге кутпа окутуп* («Манас»).

**НИКЕ КЫЮУ // НИКЕ БАЙЛОО** Мусулман динине ылайык жаңы үйлөнгөндө жүргүзүлүүчү каада, ырым-жырым. Факты жүзүндө жубайлык мамилелештикке өтүү, үйлөнүү салтанатынын акыркы этабы. *Окуп купта дубасын, Кызга нике кыйдырып* («Манас» С.О.).

**НИКЕЛЕ** Нике кыюу. *Ак никелеп өзүмө, Катын алып бербеди* («Манас»).

**НИКЕЛЕН** **никеле** этишинин туюк мамилеси.

**НИКЕЛЕШ** **никеле** этишинин кош мамилеси.

**НИКЕЛҮҮ** Никеси бар, никелешкен, үйлөнгөн, баш кошкон. *Никелүү келин.*

**НИКЕЛЬ** Идиш, ар кандай аспап жасалуучу күмүш түстүү жаркырак металл.

**НИКЕСИ БУЗУЛБАЙТ** Эч зыянга учурабайт, эч нерсе болбойт. *Күтө турса, никеси бузулбайт, айта бар* («Чалкан»).

**НИКОТИН** Тамекиде болуучу наркотикалык зат. *Никотин ичеги-карынга жана өпкөгө зыян келтирет.*

**НИРВАНА** Буддисттерде – өзүнүн жеке бытиесинин азабынан кутулган жандын магдырап жыргап калышы.

**НИСТАТИН** *фарм.* Антибиотик тобундагы дары.

**НИТРАТ** *зат.* Азот кислотасынын тузу.

**НИТРОГЛИЦЕРИН** *мед. хим.* Азот жана күкүрт кислоталарынын глицерин менен кошулуусунан пайда болгон май сымал суюктук.

**НИТРОН** Жүндүн ж.б. ордуна колдонулуучу була.

**НИШАЛДА** Жумуртканын агы менен кантты чалып, ага көбүртмө тамыр кошуп жасалган тамак. *Күмүшай бээ сааганда, Токон кулун салып берет. Боржоктогон, нишалда сыяктуу сүттүн көбүгүн кочушуна толтуруп алып, ашап-ашап алат* (Токомбаев).

**НИЯЗ** Тиленүү, жалынуу, садага. *Назир, нияз маашарда, Минүүчү атың болот дейт* (Тоголок Молдо).

**НОВАТОР** Кандайдыр бир иште жаңы идеяларды, принциптерди, ыктарды киргизип, аны жүзөгө ашыруучу. *Өндүрүштүн новаторлору.*

**НОВАТОРДУК** Өз иши менен бир нерсеге жаңылык киргизүүчүлүк.

**НОВЕЛЛА** *адаб.* Эпикалык түрдүн майда жанрларынын бири. Кичирээк, кыска аңгеме. *Жумагул Стендалдын новеллаларын окуй баштады* (Шимеев).

**НОВЕЛЛИСТ** *адаб.* Новеллачы, чакан жанрда чыгарма (аңгеме, новелла) жазган автор.

**НОВЕЛЛИСТИКА** *адаб.* Эпикалык чакан жанрлардын (аңгеме, новелла) жалпы аталышы.

**НОВОКАИН** *фарм.* Оору сезимди жоготуу үчүн колдонулуучу дары.

**НОГОЛ** Жыгач, дарак, жаш дарак. *Коргондун ортосунда жаткан баягы өрүк ноголунун үстүнө сол бутун саал суна Ысхак кумсарып отурду* (Касымбеков).

**НОЁН** **оён** менен бирдей. *Самынды салды калтырбай, Жуунат окшойт ноёну* («Эл адабияты»).

**НОКАУТ** *спорт.* Катуу уруудан, жыгылгандан кийин 10 секунд тура албай калса, жеңилди деп эсептелген бокстагы абал.

**НОКДАУН** *спорт.* Бокста тентайлашуучу катуу ургандан кийин 10 секунддун ичинде туруп кайра мушташканга жараган абалы.

**НОКО** Бир нерсенин четин кооздоо үчүн колдонулуучу алтындын же күмүштүн буусуна кармалган жип коюлуп согулган тасма, сызма, око. *Чоң энемдин ноко бастырылып кооздолгон белдемчиси өңү бир жеринен өчпөй күнү бүгүнкүдөй сакталып турат* («Ала-Тоо»).

**НОКОЛО** Ноко менен кооздоо, ноко карматуу. *Кыргагына калпактын, Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»).

**НОКОЛОО** **ноколо** этишинин кыймыл атоочу.

**НОКОЛОТ** **ноколо** этишинин аркылуу мамилеси.

**НОКОЛУУ** Ноко менен кооздолгон, ноко бастырылган. *Башында жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

**НОКОНО** 1. *диал.* Тырмак. 2. Жылкынын оорусу.

**НОКОРО** Кооздолуп өрүлгөн ат жабдыгы.

**НОКОТ I** *эск.* Чекит, точка. *Зарылдын капкара көздөрү терең төнүп, бир нокотко кадалат* (Сыдыкбеков).

**НОКОТ II** *диал.* Буурчактын бир түрү.

**НОКОТЕК** 1. *диал.* Түлкү куйрук (өсүмдүк). 2. *диал.* Никесиз туулган бала. *О, садагаң, наристем! Болжолго айы толбой туулган баланы арам сийдик, нокотек дейт* (Касымбеков). *Биз чочуп короого адашып калган нокотек жандыктай барынан четтебиз* (Касымбеков). *Өзүң айттың «нокотек» деген кордоо сөз угуп, качып жоголгонуңду* (Абдыраманов).

**НОКТО** Ооздуксуз, тизгинсиз, чылбыр тагылган жүгөнгө окшогон малдын башына катылуучу шайман. *Арчатору буудандын башына нокто салды эми* («Эр Табылды»). *Ар бир атка нокто катылган* (Убукеев). *Кулакка салар кеңешим, Кур нокто шилтеп агытпа.*

**НОКТОЛО** Нокто катуу. *Сызма менен ноктолоп алган күрөң музоосунун мойнуна асыла сүйөнгөн* (Сыдыкбеков).

**НОКТОЛОО** **ноктоло** этишинин кыймыл атоочу.

**НОКТОЛОТ** **ноктоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**НОКТЮРН** Чакан лирикалуу музыкалык чыгарма.

**НОЛОК** Бардык нерсеге чоркок; эч нерсеге эби жок. *Коңшуң жакшы болбосо, Нолокту арман кылбаңар* («Эл адабияты»).

**НОМАДИЗМ** *тар.* Көчмөндүк, тигил же бул этностук топтун жашоо тиричилиги, мал чарбачылыкка негизделип, дайыма бир жерден экинчи жерге которулуп, көчүп жүрүүгө шартталган жашоо маңызын мүнөздөөчү түшүнүк.

**НОМЕНКЛАТУРА** Илимдин, өндүрүштүн ж.б. кандайдыр бир тармагында колдонулуучу аталыштардын, терминдердин ж.б. жыйындысы, тизмеси. *Географиялык номенклатура. Медициналык номенклатура.*

**НОМЕР** 1. Бир нерсенин, предметтин иреттик саны. *Облигациянын номери. Билеттин номери. Машинанын номери.* 2. Белгилүү бир иреттик сан менен белгиленген нерсе, предмет. *Журналдын акыркы номери. Газетанын бүгүнкү номери.* 3. Мейманканадагы, мончодогу ж.б. айрым бөлмө. 4. Ар кандай кийимдердин ж.б. өлчөмү, чени. *Отуз сегизинчи номер ботинка. Кырк сегизинчи номер костюм.* 5. Концертте, циркте айрым аткарылуучу бөлүм. 6. *сүйл.* Кандайдыр бир күтүлбөгөн кылык, жорук.

**НОМИНАЛ** Товар же баалуу кагаздын бетине коюлган баасы.

**НОМИНАЦИЯ** 1. Атоо, аталыш. 2. Номинативдүү функция менен мүнөздөлүүчү тилдик бирдиктердин жаралышы, т.а. көрүнүштү атоо үчүн кызмат өтөгөн жана алар жөнүндө сөз, сөз айкаштары, фразеологизмдер, сүйлөмдөр түрүндөгү түшүнүктөрдү жараткан тилдик бирдиктер. 3. Атоонун динамикалык актыларын сүйлөм жана анын бөлүктөрүн түзүүчү проблемалардын токтому катары кароо. 4. Атоого номинативдүү жагдайлардагы сөз жасоого, полисемияга, фразеологияга байланышкан тилдик проблемалардын жалпы белгиленүүсү.

**НОМУР** *туурасы:* **номер.**

**НОНОК** Чоркок, ийкемсиз, сөзгө жок. *Сөзгө нонок неме, жакшы жооп бере алган жок.*

**НОНСЕНС** Сандырак, маанисиз сөз.

**НОО** 1. Карагайды оюп же тактайдан жасалган, көбүнчө суу агызуу үчүн колдонулуучу нерсе, түтүк. *Имерилиштин төмөн жагына суу өтүүчү ноо курдук* (Сыдыкбеков). *Нooго муз катып, тегирмен чуркабай калган* (Сыдыкбеков). 2. Малга жем, суу, туз берилүүчү аштоо.

**НООБАТ** *диал.* Кезек, нөөмөт. *Жибектей чачың өрмөккө, Жигитер нообат көрмөккө* («Эл адабияты»). *Зарлыкка нообат келгенде, Бу да кайрат кылды эле* («Эл адабияты»).

**НООДА** 1. Солкулдак түз бутак. *Босогоң кайың ноодасы, Түндүгүң кайыш шыңгасы* (Эл ырлары). 2. *өт.* Сымбаттуу, ичке. *Боюң талдын ноодасы, Бетиң айдын шооласы* (Элдик ыр).

**НООКАС** Оору, оорулуу. *Парманбек нookас деп уккандыктан, мында келдим* (Жантөшев).

**НООКАСТА** Ооруп калуу. *Анча-мынча нookастап жүрөм* (Абдукаримов).

**НООКАСТОО** **нookаста** этишинин кыймыл атоочу.

**НООЛУ** Топурактан согулган жапыз коргон, тосмо дубал.

**НООПАЗ** **оопаз** менен бирдей.

**НООПАЛАҢ** Үч жашар букачар, үч жаштагы оопаз.

**НООПАТ** Өлүү, каза табуу. *Айтаалынын фронтто ноопат болгону жөнүндөгү «кара*

*кагаз» өз сумкасына түшкөндө, кетирген кемчилигимди эстеп, бармагымды тиштедим* (Айтматов).

**НООРУЗ** Мусулмандардын март айында болуучу жаңы жыл күнү.

**НООРУСТАМА** Жаңы жыл майрамында жасала турган суюк тамак, көжө.

**НООТ I** Көк майса, жашаң. *Баатыр кийип сындаган, Соот болот турбайбы. Булактын суусун байласа, Ноот болот турбайбы* (Барпы).

**НООТ II** Набыт болуу, курман болуу. *Орустан окуп-чокуп келээриң менен быйыл жайда, атабыз ноот болбогондо өзүңдү ээрчитип кыз тоюн жүктөп барып, колуктуңду алып келмекбиз.*

**НООТУ** Жүндөн токулган кездеме. Сукно. *Ак ноотудай кийизи* («Манас» С.О.). *Кулпунган жаңы көк нооту Үстүндөгү кийгени* (Нуркамал). *Иранга мындан барабыз Манат, нооту алабыз* («Эл адабияты»).

**НООЧА** Бойлуу, келишкен, шыңга бойлуу. *Ажыбай датка сол жагында отурган нооча кара жигитти карата жаңсады* (Касымбеков). *Нooча бойлуу, москоол денелүү кара киши партия ячейкасынын катчысы – Эргеш* (Жантөшев).

**НОРМА** 1. Коом тиричилигиндеги каада болуп белгиленген тартип, кадимки адаттагыдай болуп кабыл алынып калган эреже, үлгү. 2. Кандайдыр бир нерсенин ченемдүү өлчөмү, белгиленген чен. *Иштөө нормасы. Нормасын ашык орундатуу.*

**НОРМАЛА** Норма коюу, норма боюнча бөлүү, ченөө ж. б.

**НОРМАЛДУУ** Кадимкидей. *Нормалдуу температура.*

**НОРМАЛОО нормала** этишинин кыймыл атоочу.

**НОРМАТИВ** Нормалардын көрсөткүчү, кандайдыр бир иштерди аткаруу үчүн белгиленген норма, көрсөткүч.

**НОСОРОГ** Түштүк-чыгыш Азияда жана Африкада жашоочу, чөп менен тамактануучу, башында бир же эки мүйүзү бар ири жаныбар.

**НОСТАЛЬГИЯ** Ата журтка болгон сагыныч.

**НОТА I** 1. Кандайдыр бир музыкалык тыбыштын шарттуу графикалык белгиси. 2. Музыкадагы же ырдагы үн. 3. Шарттуу графикалык белгилер менен жазылган музыкалык чыгарманын тексти.

**НОТА II** *саяс.* Бир өкмөттүн башка бир өкмөткө дипломаттык түрдө кат жүзүндө кайрылуусу.

**НОТАРИУС** Юридикалык актылардын, соода-сатык жана башка документтердин, алардын көчүрмөсүнүн тууралыгын күбөлөндүрүп туруучу мекеме.

**НОТАЦИЯ** *муз.* Обонду, күүнү, жалпы эле музыкалык чыгармаларды кагазга түшүрүү, жазуу.

**НОЮ** Чарчоо, чаалыгуу, күчү кетүү, чыдамдуулугун жоготуу.

**НОЮБАС** Чарчабас, чаалыкпас, бышык, чыдамдуу.

**НОЮУ ною** этишинин кыймыл атоочу.

**НОЯБРЬ** Календарлык жыл эсебинин он биринчи айы.

**НӨКӨР** 1. Кандын, баатырдын, мансаптуу адамдын жардамчысы, кызматкери. *Кашында нөкөр канча жан* («Манас» С.О.). *Кызмат кылып туруучу Нөкөр кылып алайын* (Токтогул). 2. Кан кызынын, кээде аялынын кызматчы, же жандап жүргөн кыз-келиндери. *Отуз нөкөр кашында* («Манас» С.О.). *Сексен нөкөр сулуу кыз Такыр кетип болуптур* («Эр Табылды»). 3. Жолдош, дос. 4. *өт.* Жубай, жар. 5. Кээде аскер маанисинде да айтыла берет. *Ар бирөө он балбан Өзүнө нөкөр алганы* («Манас» С.О.).

**НӨКӨРЛӨ** Оюу менен коождоо. *Нөкөрлөнгөн кең өтүк.*

**НӨЛ** Көлөмдүн, чоңдуктун жоктугун билдирүүчү (ал эми кандай гана сандын болбосун оң жагына кошулуп жазылганда ал сандын он эсе көбөйгөндүгүн билдирүүчү) *0* деген сандык белги.

**НӨӨБӨТ нөөмөт** менен бирдей. *Бир канча нөөбөт ушинтип, көлүктүрүп алабыз* («Эл адабияты»). *Бизге нөөбөт келди деп, Катындан балбан салышып* (Тоголок Молдо).

**НӨӨМӨТ** Кезек. *Нөөмөт боюнча бүгүн мен чай койгон элем* (Касымбеков). Нөөмөт эрге бир тиер, Өнөрүңдү кылып өт («Манас»).

**НӨШӨР** Катуу жааган жамгыр. *Нөшөрдө да, бороондо да Малын багат дем менен* (Токомбаев). *Күүсүн угуп тоодо куйган нөшөрдүн, Күт берүүгө, түк берүүгө көшөрдүм* (Турсунов).

**НӨШӨРЛӨ** Жамгыр катуу жаап кирүү. *Нөшөрлөгөн жамгыр.*

**НӨШӨРЛӨӨ нөшөрлө** этишинин кыймыл атоочу.

**НРАВА** 1. Адамдын кулк-мүнөзү, ички психикалык касиеттердин жыйындысы. 2. Үрп-адат, турмуш салты, жорук-жосун.

**НРАВАЛУУ нравалык** менен бирдей (1-маанисинде).

**НРАВАЛУУЛУК** 1. Кандайдыр бир коомдогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларынын жыйындысы. 2. Адамдын моралдык сапаттары.

**НРАВАЛЫК** 1. Коомдо адам өзүн-өзү алып жүрүү эрежесине туура келген, ага жооп берген адептүүлүккө, жорук-жосундуулукка ылайык келген; нравалуу. 2. Адамдын ички дүйнөсүнө, кулк-мүнөзүнө таандык. *Нравалык тарбия.*

**НУК** 1. Суу жүргөн оюк, из. *Канал казып, нук чагып, Кумсарып жаткан талаалар, Кулпунуп жашыл гүл ачып* (Акиев). *Нарын суусу кылымдар бою өзүнүн таштуу нугун бузуп, адамга эч кандай зыян келтирбей*

*агып жаткан* («Кыргыз Туусу»). 3. Бир нерсенин из түшкөн оюгу, билинип турган изи. *Жолдун нугу. Кемегенин нугу.* 4. *өт.* Багыт. *Сөзүнүн нугун башкага бурду.*

**НУКУ уку** менен бирдей.

**НУКУМ укум II** менен бирдей.

**НУКУРА** Кошундусу жок, таза; башка нерсе кошулбаган, анык, нагыз. *Албетте, бул чындык, нукура чындык* (Жантөшев). *Нукура таланты бар адам кулагын түрүп тыңшайт* («Ала-Тоо»).

**НУКУС** Зыян, залака, таасир, шек туудуруу. *Мен укум-тукумдун барына нукус келтирүүчү иш кылып койдумбу деп корком, апа, кыскасын айтканда мен душман колдуу болуп кетип, анан быякка кайра өттүм, түшүндүңбү?* (Мавлянов). *Ата динден айрылып, Нукусу тиер динимде* («Манас»С.О.).

**НУМЕРОЛОГ** Нумерология тармагында иштеген адис.

**НУМЕРОЛОГИЯ** Адамдын, өлкөнүн тагдырына сандардын айкалышы аркылуу табигый күчтөн тышкары нерсенин таасирине ишенүүнү негиз кылган окуу.

**НУМИЗМАТ** Байыркы тыйындарды жана медалдарды жыйноочу, ошондой эле изилдөөчү адам.

**НУМИЗМАТИКА** Байыркы тыйын жөнүндөгү илим. Тыйындын байыркы калдыктары боюнча акчаны пайдалануунун анын тарыхын үйрөнүүчү тарых илиминин жардамчы тармагы.

**НУР I** 1. Жарык, шоола. *Күндүн нуру. Айдын нуру. Электр нуру.* 2. Ачык, жарык өң. *Кызыл беттин кызылы, Кычандын жүзүнө кызыл нур жабылды* (Бейшеналиев). *Акмандын чокчо көк ала сакалы ээгине жарашкан нур жүздүү киши* (Сыдыкбеков). *Ойлоруңуз Күн нурундай чатырап. Мейкиндиги, чексиздиги көрүнбөй* (Акматалиев).

**НУР ЫЛАҢЫ** *вет.* Малда иондоштуруучу нурлардын организмге тийгизген таасиринен пайда болуучу ылаң.

**НУРА** *өт.* Жарлуу жер.

**НУРДАН** 1. Жүзү, өңү албырып жарык, сүйкүмдүү көрүнүү. *Айдайдын акчыл кызыл жүзү ого бетер нурданды* (Каимов). 2. *өт.* Кулпунуп, көрктүү, кооз көрүнүү, көрккө бөлөнүү. *Байчечекей, кызгалдак, Кызыл-тазыл ар кандай, Жердин бети нурданат* (Тоголок Молдо).

**НУРДАНТ нурдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**НУРДАНУУ нурдан** этишинин кыймыл атоочу.

**НУРДУУ** 1. Нур чачкан, нурданган. *Жаркырап нурдуу таң атты* (Осмонкул). 2. Өңдүү, нурданган өңдүү, тамылжыган. *Нурдуу бетинин оту өчөйүн деп калган* (Жантөшев). *Жал-жал көздүн сулуусу, Жан бүткөндүн нурдуусу* («Эр Төштүк»).

**НУРК** Уруу, урук. Тек, тукум. *Асили кытай нуркунан* («Манас»С.О.). *Учураштык бул жерде, Нуркуңуз болгон кай жерде?* («Манас»). *Дини эле бөлөк болбосо, Арты кайыр нурку дейт* («Эл адабияты»).

**НУРЛАН нурдан** менен бирдей.

**НУРЛУУ нурдуу** менен бирдей.

**НУСКА I** 1. Үлгү, таалим, өрнөк. *Акылдуунун сөзү кыска, айта салса – нуска* (макал). 2. Акыл-насият. *Карымын деп турбастан. Калкыма нуска чачамын* (Тоголок Молдо). *Нуска сөз узун баштады* («Манас»). 3. Даана, экземпляр. *Көп нускада чыккан газета.*

**НУСКА II** Жаңсоо, жаңсап шилтөө. *– Эң жакшы болду – деп, күлүңдөп Кереч колун нускады* (Жантөшев).

**НУСКАЛУУ** 1. Үлгүлүү, өрнөктүү. *[Апам] айылдагы нускалуу, кадырман байбичелердин бири* (Айтматов). 2. Акыл-насыяттуу, үлгү аларлык. *Нускалуу сөз.*

**НУСКАЛУУ ЫРЛАР** *адаб.* Негизинен ыйманга, адеп-аклакка чакырган чыгармалар. Мисалы, санат-насыят, терме, философиялык маани-мазмундагы ырлар.

**НУСКОО I нуска** менен (1, 2-маанисинде) бирдей.

**НУСКОО II нуска** этишинин кыймыл атоочу.

**НУСКООЧУ** Жол көрсөтүп, түшүндүрүп туруучу адам; иштин жөнүн айтып, үйрөтүп туруучу адам. *Олуя-Атада Совет өкмөтү орноор менен Нуркасым партияга өтүп, уездик аткаруу комитетинде нускоочу болуп иштей баштады* (Баялинов).

**НУХ** Пайгамбардын аты.

**НЫГАЙ** Нык болуу, бекемделүү, чыңдалуу, күчөө. *Кызылдар жөнүндөгү чындык күндөн күнгө эл арасына ныгайып таралууда* (Жантөшев). *Мекендештердин мамилеси күндөн күнгө ныгайды* (Жантөшев).

**НЫГАЙТ ныгай** этишинин аркылуу мамилеси.

**НЫГАЮУ ныгай** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫГЫР** 1. Катуу басуу, күч менен кысуу. *Боюн түзөп, өтүгүн ого бетер ныгыра басты* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Опузалоо, коркутуу, кысып коюу. *Андан көрө Майлыштын өзүн чакырып алып, аябай ныгырып кой* (Абдумомунов).

**НЫГЫРУУ ныгыр** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫГЫРЫЛ ныгыр** этишинин туюк мамилеси.

**НЫК** 1. Чымыр. *Анын тууралжын бою, жалаң тарамыштан жаралгандай нык болучу* («Советтик адабият»). *Төштүк атка конгону, Нык чоңоюп зор өскөн* («Эр Төштүк»). 2. Бек. *Кычан ээрге кадагандай түз нык отурду* (Бейшеналиев). 3. Катуу басылган, тапталып калган. *Жылга-жыбыттагы нык кар киргилденип уюп жатат* (Сасыкбаев).

**НЫКСЫРА ыксыра** менен бирдей.

**НЫКТА** Катуу-катуу басуу, ныгыруу. *Узакбек да күрөгүн ныктап-ныктап сайды* («САЖИ»).

**НЫКТАЛ нықта** этишинин туюк мамилеси.

**НЫКТОО нықта** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫКУУ ныкы** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫКЫ** Күч менен түртө саюу. *Омор таягын жерге ныкып таянып, кейип басты* (Сыдыкбеков).

**НЫКЫС: ныкыс берүү** Демитүү, тап берүү. *Даярдашып колдорун, ныкыс берип беттешип, Күүлөп турат балалык* (Токтогул).

**НЫЛ** 1. Капкара. 2. Кара көк. *Ак жыгачты жошорлоп, Ныл кылбасам өлөйүн* (Эл ырлары). *Ууктарын нылдаган, Каалга менен кереге, Канча түрдүү сырдаган* (Эл ырлары). 3. Капалуу, кайгылуу. 4. Калын, терең, коюу. *Көлүн жашы ныл болгон* («Манас» С.О.). 5. *өт.* Көздү чел басуу, көз көрбөй калуу. *Эки көзүн ныл тартып* («Манас» С.О.).

**НЫМ I** 1. Суулуу, кургак эмес абал, сыз. *Малдын чыласынан чыккан нымды, кургак чөптөн буруксуган таза жыт басып, сарай ичи көңүлдүү боло түштү* (Сыдыкбеков). *Ным отун. Күзгү жайытка ным түшмөйүнчө быйыл мал жибербейбиз* (Убукеев).

**НЫМ II** Такыр, бүт. *Ал аңгыча күн батты, Элдин алды ным жатты* (Тоголок Молдо).

**НЫМДА** Анча-мынча суу кошуу, нымдуу абалга келтирүү.

**НЫМДАЛ нымда** этишинин туюк мамилеси.

**НЫМДАН нымда** этишинин өздүк мамилеси.

**НЫМДОО нымда** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫМДУУ** Нымы бар, кургак эмес. *Түндөгү жаандан кийин али тоборсуй элек жол бети кадимкидей нымдуу* (Сыдыкбеков).

**НЫМЖАН** Жарым жан, араң жаны бар, тырп этер ал жок. *Бу көзүм нымжанырaак.*

**НЫМСАК** Бир аз нымдуу, нымдалышкан, анчалык тоборсуй элек.

**НЫМСАКЧЫ** Нымдуу жерлерде болуучу жалпагыраак денелүү курт.

**НЫМЧА** Жеңил, жүн, кебез салынбаган жалаңкат кемсел. *Анын кымча кемселинен ак балыктай түйлаган денеси көз алдына тартыла түштү.*

**НЫМШУУ нымшы** этишинин кыймыл атоочу.

**НЫМШЫ** 1. Кичине тердей баштоо. *Чекеси нымшыды.* 2. *өт.* Кар эрий баштоо. *Жакында оор түшкөн кар бүгүн нымшыгандай болуп, четинен эрий баштаптыр* (Таштемиров).

**НЫМШЫРАЙ** *диал.* Бошондоп мажүрө тартуу. *Нымшырайып жүрүп чырагы өчкөнгө эки жылча болгон.*

**НЫМШЫТ нымшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**НЫПАС** 1. Төрөө, бошонуу, бала төрөө. 2. Төрөттөн кийинки кан. 3. Төрөттөн кийинки тазалануу мезгили.

**НЫПТА** Каптал. *Бир ныптасы кыймылдабай төшөктө жатып калганына эки-үч айдын жүзү болду* («Ала-Тоо»).

**НЫСАБЫН АГЫТУУ** *к.* **напсисин агытуу.**

**НЫСАП ынсап** менен бирдей.

**НЫШААН** 1. Тамга, эн. 2. Белги.

**НЫШАП** Кудайдын буйругу, шыпаа. *Нышап менен жаралып, Мынтыгын жонго асынып* («Эл адабияты»).

**НЬЮС-РЕЛИЗ** *экон.* Баяндап жазуу, аналитикалык обзор түрүндөгү жана келишим түзүүдө пайдаланылуучу товар же компания жөнүндөгү маалыматтар.

**НЮАНС** Кеп интонациясындагы, сөз маанисиндеги, боёк айкалышындагы, үн ыргагындагы билинер-билинбес кубулжуп турган айырма, байкалар-байкалбас өзгөчөлүк.

# О

**О I ал III** менен бирдей. *Бирок да бактың туюк бейм, жигит, Не десең о да буйрук бейм, жигит* (Осмонов). *Хан Көкөтай абаңыз О дүйнө жүзүн көрөбү?* («Эр Төштүк»).

**О II** 1. Таңдануу, кубануу, кубаттоо, жактырбоо, өкүнүү сыяктуу ички сезимди билдирүү үчүн колдонулат. – *О, жарыктык!* – *деди кемпирди колунан сүйөгөн Шамбет тамашалап* (Сыдыкбеков). *О, мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң, кайраттуу болуп жүрсөң* (Байтемиров). 2. Бирөөгө кайрылар алдында же кайрылып сүйлөөдө колдонулат. – *О, карыя, канча жашка келдиңиз?* (Токомбаев). – *О, кароолдо ким бар?* (Жантөшев). – *О, Нурмат, атаңа караганда сен акыл-эстүү жигитсиң го* (Абдукаримов).

**О ДҮЙНӨ КЕТҮҮ** Өлүү, көз жумуу, дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Бопун онунчуну бүтүп, «мына эми окууга жөнөймүн» деп турганда атасы о дүйнө кетип, ал жылы шарт болбой калды* (Медетов). *Экөөңөрдүн бирге жашай турган күнүңөр түгөнгөн экен, эриң о дүйнө кетти* (Мавлянов). **В.: О дүйнө сапар тартуу.** *Андан бир-эки ай өтпөй 36 жашында о дүйнө сапар тартты.* **Оо дүйнөгө сапар чегүү.** *Алардын бирөө оо дүйнөгө сапар чеккендиги жөнүндө кабар келди* (Абакиров).

**О, ЖОЛУҢ БОЛГУР** Адамдын натуура жүрүм-турумy, чекилик иш жасагандыгы үчүн нааразы болуу, жеме оодаруу маанисинде колдонулат. *О, жолуң болгур, кой антпе! Кантет? Ошенткен да болчу беле?!* (Медетов).

**ОАЗИС** Эрме чөлдөгү суулуу жана өсүмдүктүү жер.

**ОБА** Өтө жугуштуу оору, халера.

**ОББО** Кап, капырай. *Оббо, иш жаман болгон экен да.*

**ОБДУЛ** Кичине көтөрүлө түшүп, илгери карай жүткүнүү, умтулуу. *Араң турган Кычан обдулуп беркилерге жакындады (*Бейшеналиев). *Айтат, айтат... а мен тышта кар уруп, Кайнап жаткан караңгыга обдула* (Акматбекова).

**ОБДУЛТ обдул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОБДУЛУУ обдул** этишинин кыймыл атоочу.

**ОБЕЛИСК** Мемориалдык курулуш катарында архитектурада көркөм элемент катары керектелүүчү баш жагы ичкерип кеткен, кырлуу бийик устун, мамы.

**ОБЕР** Кызматы, чини боюнча башкы, ага деген маанини туюндуруучу бөлүгү *мис.*, обермастер, обер кондуктор, обер прокурор.

**ОБЕРТОН** Тыбыштын негизги тонуна бөтөнчө түр берүүчү кошумча тон.

**ОБЗОР** Кандайдыр бир жалпы байланышы бар тема боюнча фактылар, окуялар, кубулуштар ж. б. жөнүндө жыйынтыктап, кыскача баяндоо, билдирүү. *Библиографиялык обзор. Эл аралык обзор.*

**ОБЗОРЧУ** Мезгилдүү басма сөздөгү, радиодогу, телевидениедеги обзордун автору.

**ОБКОМ** Областтык комитет. *Обкомдун катчысы.*

**ОБЛАСТТЫК** Областка таандык. *Областтык комитет. Областтык кеңешме.*

**ОБЛАСТЬ** 1. Өлкөнүн бир бөлүгү, территория. 2. Ири административдик-территориялык бөлүк. *Нарын областы. Ош областы.*

**ОБЛИГАЦИЯ** Мамлекеттик баалуу кагаз. *Мамлекеттик ички заем облигациясы.*

**ОБО I** 1. Асман, көк. *Жууп-чайган бут адамдын көңүлүн, Кадырлайлы ободо күн жарыгын* (Акматбекова). 2. Бийиктик, бийик. *Обого көзүн салыптыр* («Манас» С.О.). *Обо мелжиген бийик аска* (Жантөшев). *Чаң обого бурулуп, Найзага найза урунуп* («Манас»). 3. *өт.* Бийик зоо, бийик аска. 4. Алк, каалоо, напси. *Напси обо бербеген* («Манас» С.О.). 5. Ашуунун белиндеги үйүлгөн таш. *Кыргыздар илгери көч ашуудан ашып баратканда, көч ээси ырым кылып, бир-эки ташты обого кошумчалап коё турган.*

**ОБО II обоо** менен бирдей.

**ОБО ЭНЕ** Адам баласынын жомоктогу биринчи энеси. *Обо эне, Адам атадан бери келе жаткан иш.*

**ОБОДО** Шырдак. *Пешайванда турган жыгач керебеттин үстүндө жаткан ободонун таптакыр тамтыгын чыгарды* (Жигитов).

**ОБОДОЙ** 1. Алк, кулкун. 2. Ач көздүк, сугалактык.

**ОБОДОЮ СООЛУУ** Абдан ачка, өтө сугалак болуп, тамактан көзү өтүп калуу, тамакка үзүлүп түшүү. *Күндөрдүн биринде Мусуралы калпа чакыртты. Ал эң ободою соолуп, кендири кесилген Оросулдун курсагын тойгузду, жаңы кийинтти* (Осмоналиев).

**ОБОЗ I** Үн, кишинин үнү. *Обозу бышык болсун деп, Оборуна кыт таккан* (Дүйшеев).

**ОБОЗ II** Биринин артынан бири чубаган жүктүү арабалар, кире ж.б. *Кызыл обоз.*

**ОБОЗ III** Даңаза, даңк. *Обоздору эң кызык* («Манас» С.О.).

**ОБОЗГЕР вазир** менен бирдей. *Обозгер жакшы – кан жакшы* (макал).

**ОБОЗО** Даңк, имиш-имиш, даңаза. *Анын*

*эрдигин эл бир далай обозо кылып жүрүшту.*

**ОБОЙМА** Курулуштук тетиктеринин бөлүктөрүн бириктирип жана кармап туруучу алкак түрүндөгү карматкыч.

**ОБОЛ** А дегенде, эң мурда, элден мурун, мурунтан, мурун. *Башканы коё туруп, обол эшигиңди түзөтүп алсаңчы* (Баялинов). *Оюнкүлкү табылат, Обол эмгек берели* (Маликов). *Оболу тамак, анан кийин сабак* (макал).

**ОБОЛКУ** Алгачкы, мурунку, мурдагы, баштапкы. *Жаңы председатель шайлангандан оболку күнүнөн тартып колхоздо укмуштуу өзгөрүш башталды* (Абдумомунов). *Оболку дарты козголду, Тополоңу тоз болду* («Манас»).

**ОБОЛО** Көкөлөө, асмандоо, бийиктөө. *Оболоп өскөн бул дарактын эртең мененки көлөкөсү биздин боз тамды каптайт* («Ала-Тоо»).

**ОБОЛОО оболо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОБОЛОТ оболо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОБОЛТОДОН оболтон** менен бирдей.

**ОБОЛТОН** Илгертен, мурдатан, баштатан. *Алай, Алтай, Ала-Тоо – Оболтон берки жерлерим* (Маликов).

**ОБОЛУ обол** менен бирдей.

**ОБОН** Белгилүү музыкалык бирдикти сактап ырдагандагы үн. *Бул бир өзүнчө тубаса үн, тубаса обон. Жүрөгү зор адамдын ой-санаасын, кубанычын, тилегин баяндаган зор обон* (Айтматов). *Эй, көкөлө, эй, көтөрүл бийикке, эң алгачкы, эң биринчи обонум* (А. Рыскулов).

**ОБОН СОРГОК** Кыраан бүркүттүн түрү.

**ОБОНЧУ** 1. Обон чыгаруучу. *Акын бизди жазып алсын, Обончусу күү салсын* (Токомбаев). 2. *эск.* Обонго салып жакшы ырдай билген адам, ырчы.

**ОБОО** Жылкыда болуучу жугуштуу ылаң, жылкынын маңкасы. *Обоого шыйпаң үйүр* (макал).

**ОБОР** 1. Сук, суктук. *Айрыкча адам өлгөндө, Молдонун тойбойт обору* («Эл адабияты»). *Байгесине Көкөмдүн Баары агытып оборун* («Манас»).

**ОБОР: обору ачылуу** 1. Тамак жегиси келүү. *Алардын сыртынан көзөмөлдөгөндөр, оборлору ачылып,.. эт көтөрүп бараткан жигиттерге жардамдаша кетишет* (Токомбаев). *...Ачылган обордү, тызылдаган ичти чүйгүн ысылык, кургак даам менен бурдай басты* (Бейшеналиев). 2. Алкы бузулуу, бир нерсени көп алгысы келүү, алдым-жуттумга берилүү. *Эсирген Калпанын обору бара-бара ачыла баштады* (Бейшеналиев).

**ОБОРО** Эки кишиге тартылган бир табак аш. *Ошолордун айынан, Эки оборо бир табак, Этти тартып калды эми* (Эл ырлары).

**ОБОЧО I** Дөңсөөчө, дөбөчө.

**ОБОЧО II** Четирээк, четкерээк, алысыраак, оолак, окчун. – *Мына ушинтип, ого бетер кызуу иштеп жатабыз,– деди Сагынбек станоктон обочо боло берип* (Сасыкбаев).

**ОБОЧОЛО** Оолактоо, четтөө, алыстоо. *[Чолпонбай] военкоматка барганда, обочолой калып, катты окуду* (Жантөшев). *Итике тигилерге кошулбай бери жакта обочолоп өзүнчө жалгыз турат* (Убукеев).

**ОБОЧОЛОН обочоло** этишинин өздүк мамилеси.

**ОБОЧОЛОНГОН ТҮШҮНДҮРМӨ МҮЧӨ** Айкындалгычтан кийин жайгашып, ошол айкындалгыч жөнүндө кошумча маалымат берген, дайыма такталып, дааналанып айтылып, интонациялык жактан айланадагы сөздөн обочолонгон айкындоочтор.

**ОБОЧОЛОО обочоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОБОЧОЛОТ обочоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОБРАЗ** 1. Сырткы түспөлү, кебете, турпат. 2. Адабиятта жана искусстводо: чындыкты конкреттүү жана жалпылоо менен чагылдырып сүрөттөгөн элес; жазуучу, сүрөтчү, артист тарабынан түзүлгөн тип, мүнөз. *Ар бир образды түзүүнүн алдында Бүбүсара кылдаттык менен иштеп, тийиштүү адабият менен таанышат* («Ала-Тоо»).

**ОБРАЗДУУ** 1. Образдар аркылуу көрсөтүлгөн, образдар берилген. 2. Элестүү, айкын-ачык, жандуу. *Образдуу тил. Образдуу сүйлөө.*

**ОБРАЗДУУЛУК** *адаб.* Ар кандай көрүнүштөрдү же нерселерди алардын турпатын, кулк-мүнөзүн сүрөттөөдө ачык, даана, жандуу түрдө элестетүүчүлүк.

**ОБРОЙ абийир** менен бирдей.

**ОБРОК** *тар.* Помещик тарабынан крепостной укук мезгилинде дыйкандардан акчалай же натуралдык түрүндө алынган салык.

**ОБСЕРВАТОРИЯ** Атайын астрономиялык, метеорологиялык ж.б. байкоолорду жүргүзүү үчүн ылайыкталып жабдылган жай жана ушундай байкоолорду жүргүзүүчү илимий мекеме.

**ОБСТРУКЦИЯ** Бул же тигил иштерди бүлүнтүүгө багытталган парламенттик күрөштүн формасы, парламентте кыйкыруу, ээн баштык көрсөтүү ж.б.

**ОБУЗ** Жасалма көл, көлчүк, чөөт. *Ортосунда карарган, Обузга тиккен тал бекен?* («Эл адабияты»). *Обузга тиккен тал бекен? Удургуган көп караан* («Курманбек»).

**ОБУРАК** Барк, бедел. *Обурактуулардыкы бөлөк* (Даникеев). *Обурагы артык жан экен, Оң жагында жолдошу, Арылдап жанын жаланган Ач арстаны бар экен* («Манас»).

**ОБУРАКТУУ** Баркы бар, беделдүү. *Акунжан да эл ичинде сөзгө аралашып калган обурактуу жигит* (Байтемиров).

**ОБУТ** *диал.* Суу токтоткон чуңкур, көлмө, чөөт.

**ОБЩИНА** Өндүрүш каражаттарына коллективдүү түрдө ээлик кылуу жана толук же толук эмес түрдө өзүн өзү башкаруу мүнөздүү болгон, көбүнчө алгачкы-общиналык түзүлүшкө таандык адамдардын биргелешип жашоо формасы.

**ОБЩИНАЛЫК** Общинага таандык, община түрүндөгү.

**ОБЪЕКТ** 1. *филос.* Биздин аң-сезимден тышкары, биздин аң-сезимибизге көз карандысыз жашоочу тышкы дүйнө, көрүнүш, материалдык чындык. 2. Бирөөнүн аракети, көңүлү бурулган нерсе, кубулуш ж.б. *Изилдөө объектиси. Байкоо объектиси.* 3. Чарбалык же коргоо мааниси бар бирдик катарында каралган ишкана, курулуш, айрым участок ж.б. *Курулуш объектилери жаңы техникалар менен камсыз болду* («Кыргыз Туусу»).

**ОБЪЕКТ-МИКРОМЕТР** Штрихтердин жардамы менен берилүүчү узундуктун чен бирдиги, микроскоптордо, микрометрлерде пайдаланылат.

**ОБЪЕКТИВ** Бир же бир нече линзадан турган, каралуучу же сүрөткө тартылуучу нерсеге карай багытталган оптикалык куралдын бөлүгү.

**ОБЪЕКТИВДҮҮ** 1. Адамдын аң-сезиминен тышкары жана ага көз карандысыз. 2. Адилеттүү, калыс.

**ОБЪЕКТИВДҮҮЛҮК** 1. Өз алдынча объект катарында, аң-сезимге көз карандысыз жашаган чындык, реалдуулук. 2. Объективдүү чындыкка туура келгендик, адилеттүүлүк, калыстык.

**ОБЪЕКТИВИЗМ** 1. Жалган объективдүүлүк, чындыктын көрүнүштөрүн тарыхый зарылдык катарында көрүп, идеалисттик түрдө кароочулук. *Буржуазиялык объективизм.* 2. **объективдүүлүк** менен бирдей.

**ОБЪЕКТИВИСТ** Объективизмди жактоочу.

**ОВАМБО** Негроиддик рассага кирген эл.

**ОВАЦИЯ** Кубаттагандыгын жана кубанычын билдирүү иретинде дүркүрөгөн узакка созулган кол чабуулар. *Ардактуу президиумун шайлоо жөнүндө сунуш киргизилген кезде, залда дүркүрөгөн овация болду.*

**ОВЛАД** *диал.* Тукум, урук, жураат. – *Сиз экенсиз Алим-хандын чын овлады! Сиз экенсиз элдин эгеси* (Касымбеков).

**ОВОДО** Эски-уску кийим-кечек.

**ОВЧАРКА** Күчтүү кароолчу иттин бир түрү.

**ОГДОРУЛ** Күч менен окторулуп жүткүнүү, ала салып кете тургансып, октос берип көтөрүлүү; төө өркөчтөнүү.

**ОГДОРУЛТ** **огдорул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОГДОРУЛУУ** **огдорул** этишинин кыймыл атоочу.

**ОГО БЕТЕР** Өтө, абдан, дагы деген сыяктуу күчөтүү маанисинде колдонулат. *Мына ошол мээрим, боор толгонуу Карымбайдын карт жүрөгүн ого бетер жибитип, ого бетер элжиретти. Бул сөзгө Кубат ого бетер жагалданды* (Жантөшев).

**ОГО ЭЛЕ** Абдан, өтө эле, андан бетер.

**ОГОЖО** 1. Тирек, жөлөк, таяныч, сүйөнүч. 2. *өт.* Башкарып-тескөөчү.

**ОГОЖОЛО** 1. Тирек коюу, таяныч коюп тирөө. 2. *өт.* Таяныч, жөлөк болуу, байкап-тескеп жүрүү.

**ОГОЖОЛОО** **огожоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОГОЗ** Дин жөрөлгөсүндө: элге карата сүйлөө.

**ОГОРОД** Жашылча же айыл чарба өсүмдүктөрүн эгүүгө ылайыкталган үйдүн жанындагы тосулган жер, чарбак. *Огороддун четинде музоосун откозуп бала турат* (Сыдыкбеков).

**ОГОЧОР** *диал.* Байыркы мылтыктын бир түрү.

**ОГУЗ ТИЛИ** Тарыхта болгону эки кылым (X–XI к.) жашаган, этникалык жактан ар башка уруулардын бирикмесинен түзүлгөн тил.

**ОГУЗДАР** Б.з. IV к. башында түрк каганатынын курамында пайда болгон, түрк тилинде сүйлөгөн жана Борбордук Азияда жашаган уруулар.

**ОДА** *адаб.* Салтанаттуу, кубанычтуу окуяга же айрым адамдарга арналып, мактоо иретинде шарттуу түрдө жазылган ыр.

**ОДЕКОЛОН** Парфюмериялык каражат катарында колдонулуучу жыттуу заттардын спирттеги эритиндиси.

**ОДЕЯЛ** (одеяло) Жамынып жатуучу жалаң кат жууркан. *Одеял, кош шейшеп, жаздык, сүлгү, тумбочка, кийим илгич баары бар* (Бейшеналиев). *Биз токойдун түнтүрөөк жерине келип, көк шиберге одеялды жайып отурдук* (Шимеев).

**ОДИОЗДУК** 1. Арты чуулгандуулук, суук көрүнгөндүк. 2. Өзүнө терс мамиле туудуруу, өтө жагымсыз, каалабастык, алгылыксыздык.

**ОДОНО I** Жибек жоолуктун бир түрү.

**ОДОНО II** Орой, сылык эмес. *Одоно сүйлөп күрсүлдөп, Орой болбо жашыңда* (Калык). *Одоно мамиле кылуучулары аз эмес* («Мугалимдерге жардам»).

**ОДОНОЛУК** Оройлук, сылык эместик. – *Одонолук экенин акыр-аягы түшүнгөн экенсиң.*

**ОДОНТОЛОГ** *мед.* Тиш оорусун кароочу врач.

**ОДОНТОЛОГИЯ** Тиш жана аны дарылоо боюнча илим.

**ОДУРАЙ** 1. Дордоюу, борбоюп көрүнүү. *Одурайган чоң Коңур, Сайышмак үчүн аяндап* («Манас»). *Оолуктуруп акыры Одурайган капырды* («Манас»). 2. Олурайып тиктөө. *Ызакул Кычанга одурая карады* (Бейшеналиев). *Мурап эч сөз айта албай, одурая Сабырга карады* (Сыдыкбеков).

**ОДУРАКАЙ** Дордогой, жылмакай эмес. *Одуракай таар.*

**ОДУРАНДА** Олурандоо, жулуна орой, осол мамиле кылуу, тумшугу менен бир тийүү. *Осол ырчы эмесмин, Одураңдап урушчу* (Осмонкул). *Буркут да одураңдап карап калды* (Бөкөнбаев).

**ОДУРАНДАТ одураңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОДУРАНДОО одураңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОДУРАЮУ одурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЁЗ** *тар. сүйл.* 1. Уезддик башкарма, уезддин башкармасы, оёзной. *Макул, оёзуна айтып бар* (Турусбеков). 2. Уезд.

**ОЁЗНОЙ** *тар. сүйл.* Уезддик башкарма, уезддин башкармасы.

**ОЁН** 1. Улук, төрө, башчы. *Оёнум сени тосууга, Он эки миң колум бар* («Манас» С.К.). 2. Баатыр, жалтанбас, эр. *Орто жерин талкалап, Оён Манас арстан, Оюп кырып берди эле* («Манас»). *Лоп дайранын боюнда, Оён Жаңыл туулган* (Тоголок Молдо). 3. Салабаттуулук, мыктылык. 4. *өт.* Какшыктоодо, шылдыңдоодо «кайран», «кайран неме», «мыкчегер» маанисинде колдонулат. *Ага-ини, дос-тууганы жолдоштору – Э, оён, кыйратарсың, – деп күлүштү* (Осмонов). *Олжону кабат тапканым, Оёнум дыйкан, арстаным* (Тоголок Молдо).

**ОЁҢ** Ойдуң келген жер.

**ОЖОО** Чөмүч. *Ожоону Эрмек тосуп турду* (Айтматов).

**ОЗ** Алдыга чыгуу, алдыга өтүп кетүү. *Катар баскан адамдын алдына озуп кетет* (Сыдыкбеков). *Жаркылдап төшүңөргө алтын орден, Жарашсын эмгектен оз улам алга* (Нуркамал).

**ОЗГУН** Илгери, алга чыккан. *Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озгун* (макал).

**ОЗДУР оз** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЗОКЕРИТ** Тоо мому, парафиндердин аралашмасынан турган минерал.

**ОЗОЛОН** Озондоп ыйлоо. *Озолонуп ыйласа, Ыйдын түбү ый болот* (Жантөшев).

**ОЗОЛОНТ озолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЗОЛОНУУ озолон** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЗОН** *хим.* Абаны, сууну тазалоодо, о.э. техникада, азык-түлүк өндүрүшүндө колдонулуучу кычкылтектин үч атомунун кошулушунан пайда болгон газ.

**ОЗОНАТОР** Бузулган абаны тазартуучу аспап.

**ОЗОНДО** Үндү созо катуу чыгаруу. *Озондосом деп ойлойм, Обону жок жүрөмүн* (Тоголок Молдо). *Ошентип, Чүрөк толкундап, Озондоп ыйлап солкулдап* («Семетей»).

**ОЗОНДОО озондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЗОНДОТ озондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЗОНДУК** Озонго тиешелүү, курамында озон бар.

**ОЗОНИД ТУЗДАРЫ** Щелочтуу металлдардын гидроксиди кычкылтек менен болгон реакциясынан пайда болгон, кызгылт сары түстөгү бирикмелер.

**ОЗУЙПА** Милдет, борч, карыз. *Озуйпасын айкын сезди го.*

**ОЗУН** Алдын ала мурун сүйлөө; бир нерсени иштөөдө бирөөдөн мурун иш кылуу, алдын алуу. *Кычан алдын ала озунуп, тийиштик кылды* (Бейшеналиев). *[Мурат] Ордунан ыргып турду. Сурмадан мурун озунуп, чокту алып ыргытты* (Байтемиров). *Озунган таз бөрк алат* (макал).

**ОЗУНТ озун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЗУНУУ озун** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЗУУ оз** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙ I** 1. Акыл жүгүртүүнүн жыйынтыгында пайда болгон нерсе. *Экөө тең алда кандай терең ойлордун кучагына түшүп термелди* (Жантөшев). *Булактай кайнап түгөнгүс ою терең* (Сыдыкбеков). *Ой жеткен менен кол жетпейт* (макал). *Ойдун гүлдөгөнү – акылдын өркүндөгөнү* (макал). 2. Аң сезимдин продуктусу, пикир. *Капитан өзүнүн оюн бирөөгө түшүндүрүүгө абдан уста* (Жантөшев). *Сабыр азыр Сырганын оюн түшүнүп тургансып, балдарга суроо берди* (Сыдыкбеков).

**ОЙ II** Чуңкурураак жер, айланасындагы жердин деңгээли менен салыштырганда төмөнүрөөк келген жер, ойдуң. *Ал өзүнүн туулуп өскөн жеринин ой-чуңкурун калтырбай көргүсү келет* (Сыдыкбеков). *Чаргын бышты-сын желдирип келатып, ой-тоого карап коюп, өз алдынча куңкулдөй берет* (Сыдыкбеков).

**ОЙ III** 1. Казуу, чуңкурайтуу. *[Ашыр] Мустафа менен бирге көмүрдүн катуу катмарын оюп иштеп жатышты* (Сасыкбаев). *Кайгынын баарын коёлу, Кара жерди биз быйыл Кетмендеп жатып оёлу* («Манас»). 2. Тешүү, чукуп салуу. *Бош эмес бардык аңыздар, Төмөндө коон, дарбыз бар, Бөйрөгүн оюп кетпесин, Карга деген кансыздар* (Осмонов). *Катылган карышкырдын көзүн ойсок* (Барпы). 3. Металлдын, жыгачтын ж.б. бетине из түшүрүп сүрөт, түр салуу, оймонун үлгүсү, формасы боюнча кесүү. *Үйлөр турат жашылдарга бөлөнүп, Тукабаны сүрөт менен ойгондой* (Токомбаев).

**ОЙ IV** Чочугандыкты, таң калгандыкты билдирүүдө же бирөөнү чакырууда колдонулат. *– Ой, Омор, сен эмне алдагы сүрөткө урушчудай карайсың, ыя?!* (Сыдыкбеков). *– Ой, келген акем турбайбы, – деп Сартбаев ордунан тура калды* (Сыдыкбеков).

**ОЙ ТАБЫШУУ** Бир пикирге келүү, ойлору төп келүү, көз караштары бирдей болуу. *Ооба, аны менен оту куйүшуп, ой табышкан жок* (Егиналиев).

**ОЙ ТОЛГОО** Жүрөгүн өйүп, абдан катуу ойлонуп жүргөн ниет, ички сезим. *Ошондон улам акындын ой толгоосу тагдырдын утурумдук күчү кимде, түбөлүктүү күч кимде экендигин чакмактоодо* (Бейшеналиев).

**ОЙБОЙ** Чочуганда, бир жери ооруганда ж.б. колдонулат.

**ОЙБОЙЛО** «Ойбой» деп кыйкыруу, кокуйлоо. *Ал, колун кармап, ойбойлой баштады.*

**ОЙБОЙЛОО ойбойло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙБОЙЛОТ ойбойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙБОЮНА КОЙБОО** Акидей асылуу, эркине, макулдугуна карабоо. *Тигинин ойбоюна койбой алмак-салмак жалынып-жалбарып жатышып, бир кайыкты жарым саатка сурап алышпайбы?* (Мавлянов). *Ал экөөбүз Тозордун ой-боюна койбой жатып жөнөтүп жибердик* (Эшмамбетов). *Жолдо жакшы санаалашы жолугуп, ойбоюна койбой үйүнө алып келип коноктойт* («Кыргызстан маданияты»).

**ОЙГОН** 1. Уйкусу ачылуу, уйкудан туруу. *Сергек Зарыл күндөгүсүндөй эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Жандануу, кыймылга келүү, козголуу. *Өлүк талаа жан байлады, Уйкусунан ойгонуп* (Бөкөнбаев). *Батыш, чыгыш ойгонду, Дос, душман таанып ойлонду* (Турусбеков).

**ОЙГОНУУ ойгон** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙГОО** Уктабаган, уктай элек абал. *Болот ай, ойгоо болсоң, туруп ала үйдү бадага кошуп келчи.*

**ОЙГОТ** 1. Уктап жаткан кишини ойгонууга аргасыз кылуу. 2. *өт.* Жандандыруу, козгоо, кыймылга келтирүү.

**ОЙДОГУДАЙ** Ойлогондой, көңүлдөгүдөй, каалагандай, эң сонун. *Оңой эмес ойдогудай өстүрмөк, Он бир бала – он бир баатыр кабланды* (Осмонов). *Сан, сапатын ойдогудай иштесек, Ушу күндө жердин бети бал каймак.*

**ОЙДОЛО** Бир орунга турбай ары-бери кыймылдоо, тыбырчылап, тынч тура албоо, ойсоктоо. *Минип турсаң, бийлеп турат ойдолоп, Жерди чапчыйт, күрөк менен казгандай* (Токомбаев). *Отун алган кыз-келин, Ойдолошот кылтылдап* (Осмонкул).

**ОЙДОЛОКТО ойдоло** менен бирдей.

**ОЙДОЛОО ойдоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙДОЛОТ ойдоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙДУ ОМКОРУП, ТООНУ ТОМКОРУУ** Көп жумуш аткаруу, абдан катуу иштөө, ташталканын чыгаруу. *Чындасак, ойду омкоруп, тоону томкоробуз* («Кыргызстан аялдары»). *Мына ойду омкоруп, тоону томкоруп жүргөн кезеги* (Кыдырмышев). *Өзүнчө ойду омкоруп, тоону томкоруп, көтөрүңкү ишенимде келген Кожон, артына шарт бурулуп, кароолчу болуп иштеген гидрометстанциясы тарапты көздөй бет алып жүрүп кетти* (Абдырамaнов).

**ОЙДУ-ТООНУ АЙТУУ** Баш-аягы жок, маанисиз сөздөрдү сүйлөө, ар кайсынын башын бир айта берүү. *Ойду-тоону айтпай, ток этер жерин айтчы.* **В.: Ойду-тоону оттоо.** *Ойду-тоону оттой берет.*

**ОЙДУҢ** Айланасындагы жердин деңгээли менен салыштырганда төмөнүрөөк келген жер, мейкиндик, ой. *Беттеги жылкыларды ойдуңга айдап барды* (Абдумомунов). *Кыштак мына ушул ойдуң, көмүскө жерге орношкон* (Таштемиров).

**ОЙДУР ой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙКУ-КАЙКЫ** Толкун сымал, өйдө-ылдый; закымдаган сыяктуу. *Ал атчандар жүрүүчү ойку-кайкы белестерден өткөн чыйыр жолдун нугунан эчак бөлүнгөн* (Токомбаев). *Каныбек ыкыс берип ойку-кайкы кубултуп, түркүм порум менен чертүүдө* (Жантөшев).

**ОЙКУШТА** Кылыктанып ойдолоо, кылтыңдап ойдолоо. *Бурала басып ойкуштап* (Маликов).

**ОЙКУШТАН ойкушта** этишинин өздүк мамилеси.

**ОЙКУШТАТ ойкушта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙКУШТОО ойкушта** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙЛО** Ой жүгүртүү, ойго батуу. *Кирбей туруп, чыгарыңды ойло* (макал). *Жылдызкан так ушуларды ойлоп турду* (Байтемиров).

**ОЙЛОН ойло** этишинин өздүк мамилеси.

**ОЙЛОНУУ** Ойду кимдир бирөөгө же кандайдыр бир нерсеге багытоо, ой жүгүртүү.

**ОЙЛОО** 1. **ойло** этишинин кыймыл атоочу. 2. Адамдын болуп жаткан процесстерди, түшүнүктөрдү, пикирлерди, элестөөлөрдү объективдүү жылдыруусу, ой жүгүртүү шыгы.

**ОЙЛОСО ОЮНА, УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРБӨӨ** Иштин, окуянын жөнү мындай болорун такыр күтпөө, күтүлбөгөн жерден башкача болуп кетүү. *Башка бирөө менен жүрүп кетет деп Күкүндүн ойлосо оюна, уктаса түшүнө кирбей турган* (Борбиев).

**ОЙЛОТ ойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙЛОШ ойло** этишинин кош мамилеси.

**ОЙЛУУ** Ойго баткан. *Анархан али ойлуу* (Жантөшев). *Аким да башын шылкыйтып, ойлуу* (Сасыкбаев).

**ОЙМО** Чеберчилик менен бир нерсенин бетине оюп түшүрүлгөн көчөт, сүрөт, түр, оюу. *Тегирич, жабык баш, тизгичтердин түрдүү оймо кыялдарын сүрөттөп болбойт* (Током-

баев). *Анар оймосуна бермет төккөн укмуштуу кемерди өз колу менен курчады* (Токомбаев).

**ОЙМОК ООЗ** Оозу кичинекей, бөйтөйгөн (көбүнчө кыздарга, алардын сулуулук сапатына карата айтылат). *Оймок ооз, бото көз Кыздары сулуу кыргыздын* (Осмонкул). *Ордунан турду буралып, Оймок ооз, калем каш* («Курманбек»).

**ОЙМОК** Шакек сымалдуу, төгөрөк таман салынган жагы сөөмөйдүн ич жагына келтирилген, тигүүдө ийненин түбү колго өтпөс үчүн колдонулуучу буюм. *Айымжандын оймогу сөөмөйүндө жүрөт* (Сыдыкбеков). *Сайма түрлөп, салаага оймок кыстарган* (Токомбаев).

**ОЙМОКПООЧ оймокпооч салуу** Көбүнчө көмүскө, башкаларга билдирбей туруп бурай чымчып алуу. *Акия кээде үч колдун башын батырып, оймокпоочту салып, Элебестин бир жерин үзүп алат* (Сыдыкбеков).

**ОЙМОКТУУ** 1. Оймогу бар адам. 2. *өт.* Аял.

**ОЙМОКЧОНГО ПИР БОЛУУ** Аял затына ыйык көрүнүү. *Семетейиң көз жумса: Оймокчонго пир болгон, ордолуу журтка дүң болгон* (Көчкөнов).

**ОЙМОЛО** Түрдөп, көчөттөп бир нерсенин бетине оюу-чийүү түшүрүү, түр салуу, оймо түшүрүү. *Кадырбайдын бутунда туюк ултарган бийик такалуу оймологон кызыл соору өтүк* (Жантөшев).

**ОЙМОЛОН оймоло** этишинин өздүк мамилеси.

**ОЙМОЛОО оймоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙМОЛОТ оймоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙМОЛУУ** Оймосу бар, оймо түшүрүлгөн, оймолонгон. *Төр жакта салынган оймолуу шырдак үй ичин көрктөндүрүп турат* (Бейшеналиев). *Жаңгактын уюлунан кырган, оймолуу, сабына күмүш чөгөргөн чоң жанаяктын биринчисин Дыйканга сунду* (Токомбаев).

**ОЙМОТЕКЕЙ** *диал.* Шырдак, шырдамал.

**ОЙМОЧУ** Жыгач, сөөк жана башка нерселерди кесип, чийип, оюп кооздоочу уста адам; шырдак ойгон аял. *Оймочу оюп, түр салган* («Саринжи-Бөкөй»).

**ОЙМУЛ** Оюк, оюп алынган орун.

**ОЙНО** 1. Шоок кылуу, кандайдыр бир нерсе, оюнчук же оюн менен алаксуу, көңүл ачуу. *Жадырап гүлдөй жаш бала, Күлүңдөп ойной баштады* (Бөкөнбаев). 2. Ойноктоо, оюн салуу, тез, ар кыл кыймыл-аракетте болуу. *Жээрде жалт берип сымаптай ойноп, мүнөзүн көрсөттү* (Сыдыкбеков). 3. Тамаша кылуу. *Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө* (макал). 4. Сахнада оюн-шоокторго катышуу, белгилүү бир роль аткаруу. 5. Кандайдыр бир музыканы же күүнү музыкалык аспапта аткаруу. *Консерваторияда ар кандай аспаптарда ойноону окутуп машыктырат.*

**ОЙНОКЕЙ** *диал.* Утушпай, жөн гана ойногон чүкө оюну. *Бүгүн ойнокей эле ойнойлучу.*

**ОЙНОКТО** Бир орунга тынч тура албоо, тынч ала албоо, оюн салуу, ойдолоо, өтө тез, элпек, ар кыл кыймыл-аракетте, абалда болуу. *Ойноктосо Телтору ат, Ок жетпеген мал эле* («Курманбек»). *Деңизде сүзүп ойноктоп, Дем кылган жакка бара алсам* (Токомбаев). *[Орусбектин] бакырайтып, чоң ачылган капкара көздөрү ойноктоп оттуу* (Сыдыкбеков).

**ОЙНОКТОО ойнокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙНОКТОТ ойнокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙНОО I** Ойноок, оюнкарак, ойногонду жакшы көргөн, токтоло элек. *Ойноо бала. Ойноо кез.*

**ОЙНОО II ойно** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙНООК 1.** Кол, буттун муундарынын ордунан жылып, чыгып кетүүсүнүн кайра-кайра кайталанышы, адат болуп калышы. *Бармагым ойноок болуп калыптыр.* 2. Оюнкарак, шайкелең, ойноо. *Кубалашкан кулундар Ойноок, тентек балдардай* (Токомбаев). *Ойноок бала жакшылыктуу оттоткон да эмес окшойт* (Бейшеналиев).

**ОЙНОТ ойно** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙНОТМО** *диал.* Комуз черткенде колду ар түрдүү абалга келтире черткендик. *Боз ойноктун кол ойнотмосун көрсөң аа!*

**ОЙРОН I** 1. Кыргын, бүлгүн, талкалануу. *Эринип барбай койгонуң, Эртең чыгат ойронуң* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Баатыр, эр, кыйраткыч. *Он эки кеткен ойрондор, Баатырдыгы башкача Озуп калган кези экен* («Манас» С.К.). *Оён Кошой карыңыз, Оң жак бутун салганы. Ойрон Кошой абаңдын, Балтыры батпай калганы* («Манас»). *Эр Табылды ойронуң, Ташка жакын бастырып* («Эр Табылды»). *Оң жагында баатырдын, Ойрон Бакай баш болуп* («Манас»). 3. **Күл ойрон** менен бирдей. 4. Абдан, эң бир. *Ойрон мыкты.*

**ОЙРОН II** Кыйранды, таш-талкан, бырынчырын. *Ойрон болуу. Ойрону чыгуу. Ойронун чыгаруу.*

**ОЙРОН БОЛУУ** 1. Көзү өтүү, жок болуу, өлүү. *Ал байкуш жаш кезинде ойрон болду.* 2. Талкалануу, кыйроо, бүлгүнгө учуроо. *Отун алып от жактың, Ойрон болуп кой бактың* (фольк.). *Басмачылар ойрон болду.* **В.: Ойрону чыгуу.** *Тек, биз мыктылар барсак, ордонун зынданына салып ойронубузду чыгарбасын деп чочулашты* (Абакиров).

**ОЙРОНДО** Кыйратуу, талкалоо, жок кылуу. *Сабырдуулук менен иштеп, калың катмарды ойрондото соголук!* (Сасыкбаев). *Кез*

*келгенди ойрондоп, Басып келет деп уктум* («Манас»).

**ОЙРОНДОО ойрондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙРОНДОТ ойрондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙРОТ** Азыркы калмак аталган элдин эски өз аты. *Мурда эле көчмөн көп ойрот болгондо 1521-жылы ченден кыргызга жортуулдай баштаган (Касымбеков). Ойротту бузуп олжо алдым, Мындай олжо кайда алдым* («Манас»). *Ойрот – жоңгорду кыргыздын жерине жолотпой, алдын ала сокку берүү аракети ошол ага-бий Супатай кашкадан чыккан акыл имиш* (Айтматов).

**ОЙРОТТО ЖОК** Тендешсиз, баа жеткис, эң мыкты. *Омурткасы он кула, Ойротто жок чоң кула* («Семетей»).

**ОЙСОКТО** Кылтыңдап, кылыктанып ойдолоо, бир калыпта тынч тура албай ойсондоо, ойкуштануу. *Гүлнар тынч тура албай ойсоктой берип, эжекелеринин колдорун бекбек кысып ажыраштты* (Сыдыкбеков). *Акмандын жээрдеси ойсоктой басат* (Сыдыкбеков).

**ОЙСОКТОО ойсокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙСОКТОТ ойсокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙСОНДО** **ойсокто** менен бирдей.

**ОЙСУЛ ойсул ата** 1. *миф.* Төөнүн колдоочусу, ээси. *Чымын тийген төөгө ойсул ата не пайда* (макал). 2. *өт.* Төө. *Ойсул ата Кызыл нар* («Эр Төштүк»).

**ОЙСУРА** Алы кетүү, түгөнүү, эңшерилүү.

**ОЙСУРАТ ойсура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЙСУРОО ойсура** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЙТ БЕРҮҮ** 1. Жалт бурулуп карматпай качып кетүү. *Апасы келип сермей берерде Сатыкул ойт берди* (Касымбеков). *Сур ат ойт берип кошкурганда, Нур акең – Так, так! – деди* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир окуядан, иштен аргасын таап чыга берүү. *Бул окуяга катышпаган оңдур дегенсип, Ысмайыл ойт берип чыга берди.*

**ОЙЧУ** *диал.* Ойлой бере турган адам. *Ойчу ойлонгуча тобокелчи үйгө жетиптир (макал).*

**ОЙЧУЛ** Ой жүргүзгөнгө абдан шыктуу, терең философиялык ой жүргүзүүгө жөндөмдүү, акылман адам.

**ОК I** 1. Мылтык сыяктуу атылуучу куралдардын патронунун ооз жагына кептелген сүйрү же тоголок коргошун. *Житкен окту аткан ок табат* (макал). *Тараска ок тийип, оор жарадар болду* (Сасыкбаев). 2. *Замбиректин огу. Атууга камдалган ок.* 3. Жаанын жебеси. *Жаанын огу жаңылды.* 4. Снаряд.

**ОК II** 1. Дөңгөлөктөрдүн, машиналардын айлануучу бөлүктөрүнүн айлануу борборуна коюлуучу темир; эки аттык арабанын алдындагы ат чегиле турган узун жыгачы. *Арабанын ок жыгачын суурул келди* (Сыдыкбеков). 2. Таразанын тең салмакта экендигин көрсөткүчү.

**ОК III** Көңүлгө туура келбеген сөз же жаман кабар угузган кишиге карата айтылып, чочугандыкты, корккондукту билдирүү иретинде колдонулат. *– Ок, жаагыңа таш, кара жолтой! – деп тилдеди* (Сасыкбаев).

**ОК АТТАТУУ** *этн.* Атылган ок денесинде калган кишинин үстүнөн күнөөсүз аялды аттатуу (элдин ишеними боюнча мындай учурда аял күйөөсүнө карата таза, ак жүрсө, ала жип аттабаган болсо, ок түшүп калат деген түшүнүк болгон). *Алып келгин Чүрөктү, ок аттатып калалык* («Семетей»).

**ОК-ДАРЫ** Атууга керектелүүчү нерселердин (патрон, дары, ок ж. б.) жалпы аталышы. *Ок-дары калды азайып* («Эр Табылды»). *Бир нече ондогон кишилер ок-дарылардын складын жарууга катышты* (Абдукаримов).

**ОК ЖАҢЫЛУУ** Ок тийүү, жарадар болуу. *Менин оң жакты балтырыма ок жаңылды* («Ала-Too»). *Неси болсо да үч жашар балага ок жаңылганы жумушчулардын жүрөгүн сыздатты* (Акматов). *Ак падышанын куралдуу желдеттери ашууну тосуп, самсыган элди чекесинен атып киргенде, Айжамалга ок жаңылды* (Саатов).

**ОК ЖЕДИРҮҮ** Ок менен атып өлтүрүү, окко учуруу. *Тетиги тайкашкачан кутурган Шеримбектин өзүнө гана ок жедирип үстөмөндөтөт* (Бейшеналиев).

**ОК ЖЫЛАН** Суу жыландар тукумундагы жылан.

**ОК ООЗУҢА** Суук кабарды, жаман сөздү укканда чочуп кетип, «андай болбойт», «андай дебе, андай болушу мүмкүн эмес деген сыяктуу уккусу келбөө, жокко чыгаруу маанисинде айтылуучу сөз айкашы. *Ок оозуңа! Кокуй наалат антпе!* (Бейшеналиев).

**ОК ТИШТӨӨ** Шертти, антты бузганды ок урсун деген мааниде ок тиштеп антташуу, шерттешүү. *Тузга сийесиңби же ок тиштейсиңби?* (Токомбаев). *Бастырып келип, ок тиште, Антыбыз ушул так болсун* («Ала-Too»). *– Айтканың жалаа, Жарбаң, жалаа болбосо, чындыгына ок тиште!* (Сыдыкбеков).

**ОК ТҮЙҮП БЕРҮҮ** Сүйлөшүп жүргөн жигит менен кыз «убаданы бузсак, бирибирибизден тансак ок урсун» деген мааниде жоолукка ок ороп берип антташуу. *Илгери жаштар бири-бирине ок түйүп беришчү экен.*

**ОКЕАН** Материктер арасындагы эң чоң суу мейкиндиги, чексиз деңиз. *Тынч океан. Атлантика океаны.*

**ОКЕАНДЫКТАР** Тынч океандын борбордук жана батыш бөлүгүндөгү 10000ге жакын аралдардын элинин жалпы аты.

**ОКЕАНОЛОГИЯ** Дүйнөлүк океандын жаратылыш комплексин жана антропоген факторлорунун тийгизген таасирин изилдөөчү илим тармагы.

**ОКИСТЕНҮҮ** Электронду берүү процесси жана элементтерге кычкылтектин биригиши.

**ОККАЗНОНИЗМ** XVIII к. диндик-идеалисттик окуу.

**ОККО УЧУУ** Октон ажалы жетүү, ок тийип өлүү. *Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма кече жакында, Кытай жеринде өлдү* (Баялинов). *Жалгыз уулум согушта окко учпаса, мен силердей токойдун жапан дөдөйлөрүнө кор болот белем?* (Айтматов). *Темир окко учкан күнү Ташкендин алдында элек* (Касымбеков).

**ОККУЛЬТИЗМ** Сырдуу, касиеттүү.

**ОККУПАНТ** Басып алуучу, оккупацияга катышкан адам.

**ОККУПАЦИЯ** Кандайдыр бир мамлекеттин аскер күчү менен бөтөн территорияны суверенитеттик укук бербестен басып алышы.

**ОККУПАЦИЯЛА** Оккупация кылып алуу, оккупацияга дуушар кылуу.

**ОККУПАЦИЯЛАН** **оккупацияла** этишинин өздүк мамилеси.

**ОККУПАЦИЯЛОО** **оккупацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ОККУПАЦИЯЛЫК** Оккупацияга таандык. *Оккупациялык режим.*

**ОКО** Алтын же күмүш жип аралаштырылып согулган тасма, сызма.

**ОКО: окосу жок** Эчтеке болбойт, эч өөнү жок.

**ОКОП** Казып чыгарылган топурагы кырына үйүлгөн, душмандар менен атышуу үчүн жасалган чуңкурлуу далда, аңгек. *[Андрей] терең окопторду казып, сапёрдук жумуштарды аткарды* (Сасыкбаев).

**ОКОРО** Жүгөндүн оозугуна чылбырды жана тизгинди чалып, эки жагындагы эки бөлөк кайыштын кошкон жерин томолоктоп түйгөн байлоо. *Окоро түйгөн ак нокто, Тайторуга чак нокто* («Семетей»). *Окоро түйгөн ак тизгин Ойноп учкан тулпардын* («Манас»).

**ОКРУГ** Мамлекеттик территориянын административдик саясий, чарбалык, согуштук ж. б. бир бөлүгү. *Улуттук округ. Согуштук округ. Шайлоо округу.*

**ОКРУГДУК** Округга таандык. *Округдук конференция. Округдук шайлоо комиссиясы.*

**ОКСАЛАТТАР** Козу кулак кислотасынын туздары.

**ОКСИГЕМОГЛОБИН** Кандагы гемоглабиндин кычкылтек менен болгон бирикмеси.

**ОКСИДАЗАЛАР** Окистенүү процесстериндеги ферменттер.

**ОКСИДДИК** Жогорку коэрцетивтик металлдардын жана алардын кошулмаларынын кычкылдарынан жасалган туруктуу магниттер.

**ОКСИКИСЛОТАЛАР** Гидроксил жана карбоксил группалары бар бирикме.

**ОКСИЛИКВИТ** Жануучу суюк абаны аралаштырып, сиңдирүү менен алынган динамитке караганда күчү аз жарылгыч зат.

**ОКСИЛИТ** Натрий перекисинин техникалык аталышы.

**ОКСИНИТРИЛ** Альдегид жана кетондорго цианид кислотасы бириккенде пайда болгон зат.

**ОКСОЙ** Чоң кадыр-барктуу, келишимдүү кебетеде болуу. *Олтурган Жолой оксоюп, олут алып соксоюп* («Манас»).

**ОКСЮМОРОН** *адаб.* Бири-бирине ички мааниси, касиети жагынан кескин карама-каршы турган түшүнүктөрдүн айкалышып келген учурлары. *Таранчылар чыйк этсе, Чочуп кетем, ой тобо. Таш бака менен жарышсам, Озуп кетем ой тобо* (Шаршен). *Ал сөздү айтып Алооке, Калкынын көөнүн басыптыр. Тирүү өлүк болбойм деп, Түн киргенде качыптыр* («Манас»).

**ОКТАВА** *адаб.* Сегиз саптан турган ыр формасы.

**ОКТО I** **нокто** менен бирдей.

**ОКТО II** Дүрмөттөө, ок салып атууга даяр кылуу. *Мылтыгын мыктап октоду, Милтесин бу да чоктоду* («Манас»).

**ОКТОД** 6 торчолуу, 8 электроддуу электрондук лампа.

**ОКТОЙ** 1. Абдан тез, ылдам. *Октой атып кирип барды.* 2. Абдан түз, таамай. *Октой түз. Сөзү октой.*

**ОКТОЛ I** Окторулуу, атырылуу, алга катуу умтулуу. *Кабылан шердей октолуп, Качырып Жапар жүгүрдү* (Бөкөнбаев). *Кара чаар жолборстой, Карасаң Алмаң октолуп* («Манас»).

**ОКТОЛ II** **окто** этишинин туюк мамилеси.

**ОКТОЛУУ** Октолгон, дүрмөттөлүү. *Октолуу мылтык.*

**ОКТОО I** 1. *диал.* Үбөлүк. 2. **окто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКТОО II** **нокто** менен бирдей.

**ОКТОРУЛ** 1. Атырылып буураандоо, атырылуу. *Ахмет суунун окторулуп агып жатканын карап турду* (Сасыкбаев). 2. Алдыга катуу жүткүнүү; атырыла алга катуу умтулуу. *Жумушчулар окторулуп жардана калышты* (Сасыкбаев). *Кээ бир жерде Сарала Окторулуп жулкунат* («Манас»).

**ОКТОРУЛТ** **окторул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКТОРУЛУУ** **окторул** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКТОС БЕРҮҮ** Алдын көздөй тез, катуу жүткүнүү, атырыла алга катуу умтулуу. *Жээрде кашка башын чулгуп, алдыга жөнөөгө октос берип зымырады* (Бейшеналиев). *Отурган жеринен шырп этип, октос берип учканын айтпайсыңбы!* (Жусупов).

**ОКТОТ окто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКТОШ окто** этишинин кош мамилеси.

**ОКТЯБРЬ** 1. Календардык жылдын онунчу айы. *Октябрь ай, жийде жыттуу сонун ай, Жакшы иштеген колхозчунун баары бай* (Осмонов). 2. 1917-жылкы Улуу Октябрь социалисттик революциясы жана анын жылдыгы. *Октябрда аткан таң, Эркиндик берди элиме.*

**ОКТЯБРЯТ** *тар.* Совет мезгилиндеги 2–3-класстардын окуучулары. *Үчүнчү класстагы октябряттардын бардыгы пионерлердин катарына өтүштү* («Кыргызстан пионери»).

**ОКУ** 1. Билимди, илимди үйрөнүү, өздөштүрүү. *Бир күндү бекер кетирбей, Билим ал, оку, балдарым* (Үсөнбаев). *Эх! «Оку, оку жана оку» – деп, айткан экен да! – Аскар ушуну ойлонуп эмнегедир Сыргага карады* (Сыдыкбеков). 2. Жазылган нерсени үн чыгарып же көз жүгүртүп билүү. *Газета, китеп окуп отургандар да бар* (Убукеев). *[Радченко] үнүн бийик чыгарып [ырды] окуп да берди* (Сасыкбаев). 3. Элдин алдында жазылган нерсени оозеки баяндоо, айтып берүү. *Лектор лекция окуду. 4.* Жаттап алган куран, дуба ж. б. кандайдыр бир максатта ачык же купуя айтуу, дем салуу. *Куран окуду. Дуба окуду. Намаз окуду.*

**ОКУЙ** Соксоюп жалгыз калуу. *– О кокуй, окуюп эшикте жалгыз олтурасыңбы?* (Убукеев).

**ОКУЙТ окуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКУЛ оку** этишинин туюк мамилеси.

**ОКУЛИСТ** *мед.* Көз оорулары боюнча врач, адис.

**ОКУЛЬТИЗМ** Жашырын, табияттан тышкары, жашырын күч, дух бар, алар менен ырым-жырымдарды жана атайын психикалык машыгуудан өткөн адамдар гана түздөн түз байланыша алат деген мистикалык окуу.

**ОКУЛЯР** Оптикалык аспаптын караган кишинин көзү жагына келүчү айнеги.

**ОКУМАЛ** Окуган, билимдүү.

**ОКУМУШТУУ** Илимпоз, билимдүү, илимдин бир тармагы боюнча адис. *Иса Ахунбаев атактуу окумуштуу.*

**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ** *пед.* Жогорку окуу жайынын ректорунун жана илим изилдөө мекемелеринин директорунун кеңеш органы.

**ОКУНЬ** Астынкы сүзгүч канаты кызгылт, туурасынан кеткен кара жол-жолу бар, көгүлтүр-саргыч, тузсуз сууда жашоочу балык.

**ОКУРА** Уйлардын териси менен этинин арасындагы сайгактын курту.

**ОКУРАЙ** Көзүн акшыйтып, олурайтуу. *Омор Сабырга окурая карап:– Ага, окууң аздык кылабы? – деди* (Сыдыкбеков).

**ОКУРАЙТ окурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКУРАН** Ар кандай таасирлерде жылкынын үн чыгаруусу. *Ээсин күтүп окуранган ат турат* («Ала-Тоо»). *Ак байтал кулунуна улам имерилип окуранып, түшө калып, жыттагылап турат* (Мидин).

**ОКУРАНТ окуран** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКУРАНУУ окуран** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКУРАЮУ окурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКУРМАН** Китеп, журнал ж.б. дайыма үзбөй окуган, көп окуган адам.

**ОКУРМАНДЫК** Окууга жатыккандык.

**ОКУС** Күтүлбөгөн жерден же этибарсыздыктан болгон иш, окуя, кокустук.

**ОКУС БОЛУУ** 1. Бир жерин чыгарып алуу, майып болуу. 2. Өлүмгө учуроо. *– Уулум, тынччылыкпы? – Байбиче анын ата-энесинин бири окус болгонбу дегендей шек менен сурады* (Каимов).

**ОКУСТАТ** Бир жерин чыгарып же мертинтип алуу.

**ОКУСТАТУУ окустат** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКУТ оку** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКУТУУЧУ** 1. Окуу жайларында сабак берүүчү мугалим. *Орто мектептин окутуучусу. Институттун окутуучусу.* 2. *өт.* Устат, үйрөтүүчү. *Токтогул жалаң гана улуу акын, композитор болбостон, улуу окутуучу да болгон* (Бөкөнбаев).

**ОКУУ I** 1. Билим алуу, билимге ээ болуу процессинин жана билим берүүгө байланыштуу иштердин жалпы аталышы. *Оройлук белги болушта, Окуунун кени оруста* (Токтогул). *Анда олтургандар элеттен шаарга окууга бараткан жаштар болсо керек эле* (Сыдыкбеков). *Окуу – билим азыгы, билим – ырыс азыгы* (макал). 2. Теориялык жоболордун жыйындысы; кандайдыр бир окумуштуунун, ойчулдун ж. б. негизги жоболорунун, көз караштарынын ж. б. жыйындысы, системасы. *Материалисттик окуу.*

**ОКУУ II оку** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКУУЧУ** 1. Мектепте окуган бала. *Биринчи класстын окуучусу. Жогорку класстардын окуучулары.* 2. Китеп, газеталарды окуй турган адам. *Мындайча окуу менен китеп окуучулардын конференциясына катыша албайбыз* (Таштемиров). *Эрикпей, өткөн сырды айта берсек, Ойлоймун окуучуга болор эрмек* (Турусбеков).

**ОКУШ оку** этишинин кош мамилеси.

**ОКУЮУ окуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКУЯ** Болуп өткөн кандайдыр бир учур, факт, кубулуш. *[Ал] жүрөгүн толкуткан окуяларды жомоктотуп айткысы келди* (Сасыкбаев). *Мына, бул окуя мындан алты күн илгери болгон* (Жантөшев).

**ОКЧО** Туура эби менен кармалган абал.

*Ырайымжан автоматын окчо кармап, душмандын тобун тушмалдап, быдыратат* (Касымбеков). *Колундагы чорт келте, Окчо кармап бир койду* («Манас»).

**ОКЧОНТОЙ** 1. Саадактын огун салуучу баштык. 2. Дүрмөттөлгөн жездердин ар биринин өзүнчө салуу үчүн ыңгайлуу көз-көзү бар кур. *Айтуу окчонтойдон бир окту ала коюп, тиштеп туруп Байтерекке берди* (Токомбаев). *Окчонтой жыйнап ок кылган* («Семетей» С.К.).

**ОКЧУ** Ок куюучу, даярдоочу адам.

**ОКЧУН** Алысыраак, оолак, мындайраак. *Төртөө артта окчун келет* (Жантөшев). *Башкалардан окчун алдыда келаткан жээрде атчан өтө ашыгат* (Сыдыкбеков).

**ОКЧУНДА** Окчун болуу, оолагыраак, четкерээк туруу.

**ОКЧУНДОО окчунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКШО** 1. Кебетелеш, турпатташ болуу, бирдей болуу. – *О, мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң!* (Байтемиров). *Сапек тикенек чайнап алган эчкиге окшоп кетти* (Токомбаев). 2. Сыяктануу. *Шабыраалы кээ бир кишиге шек берип койгон окшойт* (Байтемиров).

**ОКШОЙ** Кабагы бүркөө, капалуу кебетеде болуу. *Алдырган бүркүттөй окшоюп турат.*

**ОКШОМДУУ** Келишимдүү, келбеттүү. *Ойрондоп казган каналдан Окшомдуу дарак гүл өсөт* (Токомбаев). *Башкасын байлап алайын Окшомдуу жеңем Чүрөккө* («Семетей»).

**ОКШОНДО** Көзүн үлүрөйтүп, окшурайтып, олондоп кароо, тиктөө, окшундоо. *Элемандын Төштүгүн, Окуранып окшоңдоп, Тосо чыкты Саргылдың* («Эр Төштүк»).

**ОКШОНДОО окшоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКШОНДОТ окшоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКШОО окшо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКШОТ окшо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКШОШ I** 1. Турпатташ, түспөлдөш, кебетелеш, бирдей. *Сыяда эненин кээ бир кыялы Кымка эненикине окшош* (Бейшеналиев). *Азыркы узатып келген меймандарга Тарасыңар коёндон да окшош экен? – деп, өрөпкүй баштады* (Убукеев). 2. Баары бир. *Кой эми, Айганышка жалтактаба. Окшош, кечпейт Акен* (Сыдыкбеков).

**ОКШОШ II окшо** этишинин кош мамилеси.

**ОКШОШКОНГО МУШТАШКАН** Терс көрүнүшкө, начар абалга бап келгендей, аны дагы күчөтө түшкөндөй болуу. *Окшошконго мушташкан болуп, терезенин түбүндө жалгыз стол, жалгыз отургуч* (Каимов).

**ОКШОШТУК** Кебетелештик, турпатташтык, бирдейлик.

**ОКШОШУУ** окшош болуу, бирдей түстө, кебетеде болуу.

**ОКШУ** Кусуп жибере турган болуп жүрөгү айлануу. *Тачкачылар андан бетер жөтөлүп, окшуп жатышат* (Сасыкбаев).

**ОКШУНДА** Көзүнүн агын чыгарып олураюу, окшураюу, акшындоо. *Оңураңдап-окшуңдап, Артын карай калганы* («Эр Төштүк»).

**ОКШУНДАТ окшуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКШУНДОО окшуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКШУРАЙ** Көзүнүн агын чыгара, үңүрөйө кароо, акшыраюу.

**ОКШУРАЙТ окшурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКШУРАЮУ окшурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ОКШУТ окшу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОКШУТМА** Жүрөктү айлантып, кускуну келтире турган дары.

**ОКШУУ окшу** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛБУЙ-СОЛБУЙ** Оңунан да, солунан да, оң-солунан. *Астындагы Көк-чолок Олбуй-солбуй камчы уруп* («Сейтек»).

**ОЛБУРЛУУ** Зор, кабалтең, чоң. *Асанбек олбурлуу, мурду коңкойгон, көзү чүңүрөйгөн, маңдайы жазы сары киши* (Жантөшев).

**ОЛДА** Өкүнгөндү, кекээрдегендикти, кейигендикти билдирүүдө колдонулат. *Динар чындап ызаланды: – Олда кайран ай, жеке силер эмес, биз деле таркатабыз* (Сыдыкбеков). *Ойдогудай жашайын деп турсам да, Олда кургур жалгыз жүргөн жакшы эмес* (Акималиев).

**ОЛДО олда** менен бирдей. Алла бар деген мааниде колдонулат.

**ОЛДО-БҮЛДӨ** Кудай урсун, теңир урсун деген мааниде. *Олдо-бүлдө! деп койчу, мен ишенейин.*

**ОЛДО УЙ!** *дин.* Алла ушул. *Дубана келет эшиктен, олдо уй. Балакет качсын тешиктен, олдо уй. Бала ыйласын бешиктен, олдо уй* (Калык).

**ОЛДОКСОН** Эби жок, ийкемсиз, чоркок, эпсиз. *Кандай олдоксон адамсың!?* (Каралаев).

**ОЛДОКСОНДУК** Эби жоктук, ийкемсиздик, чорkоктук, эпсиздик. *Бул олдоксондугу үчүн өзүн өзү жемелеп турду* (Жантөшев). *Олдоксондук жаман адат, Чоркоктукту жеңели* (Осмонкул).

**ОЛЕОГРАФИЯ** 1. *полигр.* Көп түстөгү боёк литографиясы. 2. Ошол жол менен басылган сүрөт.

**ОЛЕТТЕР** Батыш монголдордун бир тобу.

**ОЛЖО** 1. Табылга. 2. Жоодон алынган малмүлк. *Алар жоортуулдан тапкан олжолорун тептең бөлүшүп, дайым бир-бирин жоодон*

*кайтарышычу экен* (Токомбаев). *Олжо сеники болду* («Ала-Тоо»). *Олжо болуп тагдырыма буюрган, Оору, соо эмес бар илдеттен айыктым* (Султанов). 3. Аңчылыкта атып алынган же колго түшүрүлгөн аң жаныбарлары. *Этти эки атка бөлө артып, олжо менен үйгө кайттык* («Ала-Тоо»). 4. Колго түшкөн душман тараптын эли же адамдары. *«Олжо муну алгын», - деп* («Манас» С.О.).

**ОЛЖОЛО** Олжо кылып алуу. *Баарыбызды жөн койбой, Олжолоп алып тынат го* («Манас»). *Бечараны олжолоп, Талаганын жазышты* (Тоголок Молдо).

**ОЛЖОЛОН олжоло** этишинин өздүк мамилеси.

**ОЛЖОЛОО олжоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛЖОЛОТ олжоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЛЖОЛОШ I** Олжону бирге табышкан, олжону бөлүп алышууга акылуу.

**ОЛЖОЛОШ II олжоло** этишинин кош мамилеси.

**ОЛЖОЛУУ** Олжосу бар. *Сапар олжолуу келген Түгөлдү көрүп, күлүп жиберди* (Бейшеналиев). *Олжолуу болгон калың кол, Ойноп бүгүн жаткыла* («Эр Табылды»).

**ОЛИГАРХ** Ири капиталдын ээси.

**ОЛИГАРХИЯ** Ири монополисттик капиталдык өкүлдөрүнүн чоң эмес топторунун саясий жана экономикалык үстөмдүгү. Азчылыктын бийлиги, эксплуататордун мамлекеттик башкаруу формасынын бири.

**ОЛИМП** Грецияда эң бийик тоо массиви жана грек мифологиясында кудайлардын чогулган жери.

**ОЛИМПИАДА** 1. Төрт жылда бир өткөрүлүүчү эл аралык спорттук мелдештер, олимпиадалык оюндар. 2. Ар түрдүү мелдештер: конкурс, кароо. *Канымгүл 2010-жылы өнөрпоздордун областтык олимпиадасына катышат.*

**ОЛИМПИАДАЛЫК** Олимпиадага таандык.

**ОЛИМПИЯЛЫК ОЮНДАР** Байыркы грециядагы Олимпия шаарында оюндун бул же тигил түрлөрү боюнча жыл сайын өткөрүлүүчү мелдеш.

**ОЛИФА** Майлуу сырларды, даярдоодо колдонулуучу зыгырдын же кара куурайдын кайнатылган майы.

**ОЛКУ-СОЛКУ** Туруктуу эмес, ойлогон оюнда турбаган, ыргылжың. *Иманбайдын максаты Мамбеткулдун эмне үчүн олку-солку болуп жүргөнүн билүүдө болучу* (Каимов). *Олку-солку болуп жүргөн оюнда, А досторум жолго чыксын арданып* (Осмонкулова).

**ОЛОБО** Кой менен эчкинин өпкөсүн алып, ичин тазалап, май менен сүткө толтуруп, сууга кайнатылып бышырылган тамак. *Союлган койдун өпкөсүн алып олобо жасоого киришти.*

**ОЛОГОЙ** Олойгон, олоюп турган. *Ологой көз.*

**ОЛОЙ** 1. Бир көзү сокур болуу. *Найза тийип көзүнө, Олойгондор дагы бар* («Манас»). 2. Олураюу, көзүн акшыйтып кароо. *«Окубайсың» деп айтсаң, Олоё карап ормоёт* (Маликов). *Атка минерге «кайда бардың» деп айтса, Кабак чытып түсүн үйрүп* олойгон (Осмонкул).

**ОЛОК** Сокур, олойгон.

**ОЛОКТО** Окурандоо, олондоо, олоюу. *Олоктогон кароолчунун жанына Кедейдин төрт жолдошу жалынып келип акмалап отурушту* (Токтогул).

**ОЛОКТОО олокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛОКТОТ олокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЛОҢ I** Аялдардын жоон жана узун чачы. *Олоңдой болгон кайран чач* («Семетей» С.К.).

**ОЛОҢ II** Басмайылдын артыраак жагына тартылуучу, ээрге бекитилген кайыш. *Басмайыл, олоңдору куудулдун оюнчуктарына окшоду* (Токомбаев). *Үч басмайыл, кош олоң Үсту-үстүнө тартылган* (Осмонкул).

**ОЛОҢ КАП олпоң** менен бирдей. *Ар түрдүү чыгым үчүн алым алган, Тутүнгө олоң кап деген салык салган* («Эл адабияты»).

**ОЛОҢ ЧАЧ олоң I** менен бирдей.

**ОЛОҢГО БАТПАС** Аябай семиз, чапчактай болгон, болуп-толуп турган деген мааниде. **В.: Олоң жетпес.** *Олоң жетпес байкең бар.*

**ОЛОҢДО** 1. Сокур сыяктуу болуп көрүнүү, олоктоо. *Олоңдогон ал аюу, Орго түшкөн кез экен* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Ачууланууу, тумшугу менен бир тийүү, орондоо. *Олоңдогон калмактын, Ок өтпөгөн тону бар* («Манас»). *Унутуп калсам бир ишин, Олоңдоп мага бакырат* (Барпы).

**ОЛОҢДОО олоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛОҢДОТ олоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЛОҢДУУ** Олоңу бар.

**ОЛПОК** 1. Бешикке баланын астына салынуучу жумшак, мамыкка окшош төшөк. 2. *тар.* Калың, кабат жүн салып тигилген, урушта кийилүүчү сырт кийим. *Эки чопкут бир олпок Каттоо менен кийиңер* («Эр Табылды»). *Колубуздан келер иш болсо ок өткүс олпок тигип жиберип, силерди ач ажалга алдырбасак дейбиз* (Сыдыкбеков). *Ок өтпөс олпок анда бар* («Эл адабияты»). *Олпок тондор тулунду* («Манас» С.К.).

**ОЛПОҢ** 1. Кокон хандыгында буудай салыгынын аты. *Олпоң деп алды эгинди* (Арстанбек). 2. Салык жыйнаганда ченеп алуучу мүшөк.

**ОЛТУР отур** менен бирдей.

**ОЛУ** Бир нерсени оюп же чукуп алуу, оё алып кетүү. *Чылпагын алам деп көзүн олуп*

*алган* (макал). *Жүрөктөн тийип, аркасын бир топ олуп кетиптир* (Жантөшев).

**ОЛУН** Олурандап мурду менен бир тийүү, атырыла орондоо. *Көчөр Сапарга олунду* (Бейшеналиев).

**ОЛУНУУ олун** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛУРАЙ** Көзүн окшуйтуп олоюп кароо, тиктөө. *Экөөбүздүн ойронубуз чыгат! – дегендей болуп олурайды* (Сасыкбаев).

**ОЛУРАЙТ олурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЛУРАНДА** Олондоо, көзүн акшындатып орой мамиле кылуу, катуу бир тийүү.

**ОЛУРАНДОО олуранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛУРАЮУ олурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЛУТ** Орун. *Олут алды.*

**ОЛУТТУУ** 1. Орундуу, жөндүү. *Акбардын олуттуу мамиле кылып, тигирээк сүйлөшү Шекерге жылуу таасир этти* (Убукеев). 2. Зор маанилүү, керектүү, орчундуу. *Жаңы жердин маанисине түшүнбөй, Олуттуу иштен бизди четке бурасыз* (Осмонкул). 3. Бир топ, бир далай. *Олуттуу жашка толгон соң, Оюндан осол болгон соң* (Тоголок Молдо).

**ОЛУЯ** Ыйык, касиеттүү б.а. өзүнүн такыбалыгы менен атагы чыккан адам. *Жаангер кожо олуя* («Манас» С.О.). *Олуя болуп дүпүлдөп, Мазарга барып жалынчу* (Тоголок Молдо). *Олуя жакынын колдойт* (макал).

**ОЛУЯ ЗААДА** 1. Олуядан туулган, олуянын тукуму, баласы. 2. *өт.* Касиеттүү ыйык адам. *Кара кан кызы Каникей, Олуязаада жан экен* («Манас» С.К.). *Олуя заада келиндин, Ошондо сынын көрдү эми* («Манас»).

**ОЛУЯСЫНДАЙ КӨРҮҮ** Бирөөгө абдан ишенүү, ошонун айтканын ыйык көрүү. *Ал Асанакунду олуясындай көрөт* («Чалкан»).

**ОЛУЯТ** Барып турган мыкты, баарыдан артык деген мааниде.

**ОЛЧОГОЙ** Эң чоң, эпсиз чоң, дардайган, колдойгон, олчойгон.

**ОЛЧОЙ** Чоң, бараандуу же эби-сыны жок көрүнүштө, кебетеде болуу; өтө көп болуу.

**ОЛЬХА** Суу бойлорунда өсүүчү кайың түркүмүнө кирүүчү жалбырактуу бадал.

**ОМ** Электр өткөргүчүнүн каршылыгын өлчөгүч бирдик.

**ОМАНДЫКТАР** Араб тилинде сүйлөгөн, ислам динин туткан, индоевропалык расага кирген, Оман султанынын негизги калкы.

**ОМБУ** 1. Түз эмес, шамал үйлөп дөбөчө-дөбөчө болуп каткан кар, муз. *...Ашуунун белинде омбулар жукарып, жол ачылат...* (Айтматов). 2. Алабарман сүйлөгөн, туругу жок, тигини-муну бир айткан.

**ОМБУДСМЕН** *укук* Кимдир бирөөнүн кызыкчылыгын жактоочу, акыйкатчы. Ар кандай административдик органдар, жеке адамдар жана бирикмелер тарабынан адам укуктарынын сакталышын контролдоо үчүн атайын шайланган же дайындалган кызмат адамы.

**ОМИЙИН** Куран окулуп бүткөндө, кээде жалпы эле жакшы тилектин аткарылышы үчүн алакан жайып, батанын акырында айтыла турган сөз. *«Омийин!» – деп кол жайып* («Манас» С.К.). *Акман колун жайып: – Омийин, журтум – дей берди* (Сыдыкбеков).

**ОМКОР** Коңторуу, томкоруу, оодаруу. *Колдоруна майышпаган лом алып Таш омкоруп, арабага таш салып* (Осмонов).

**ОМКОРТ омкор** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОМКОРУЛ омкор** этишинин туюк мамилеси.

**ОМКОРУУ омкор** этишинин кыймыл атоочу.

**ОМКОРУШ омкор** этишинин кош мамилеси.

**ОММЕТР** Электр каршылыгын (омдук) өлчөөчү курал.

**ОМОГРАФТАР** Жазылышы бирдей бирок айтылышы боюнча айырмаланган сөздөр *ток (курсак ток), (электр тогу), бак (дарак), (суюктук куя турган идиш).*

**ОМОЙ** Бүркүттүн бир түрү. *Куш экөөсү каракур Куш баяны омойлоп* (Молдо Кылыч).

**ОМОК** 1. Өмгөккө салынган күч; күчкө салган аракет. 2. *өт.* Таяныч, жөлөк, тирек.

**ОМОКТО** Күчкө салуу; жөлөп-таео; жөлөк-таянычын келтирип, бир нерсени көрсөтө айтуу. *Сен да сүйбөй жүрөт деп, Далилдедим омоктоп* (Токомбаев).

**ОМОКТУУ** 1. Омогу бар, карылуу. *Омоктуу ат.* 2. *өт.* Күчтүү, бакыбат.

**ОМОНИМ** *линг.* Тыбыштык составы бирдей, бирок мааниси башка сөз (мис., ат – адамдын аты, нерсенин аты, ат – жылкы маанисинде ж. б.).

**ОМОНИМДИК УЙКАШ** *адаб.* Омоним сөздөрдү катыштырып, уйкаштык түзүү.

**ОМОНИМИЯ** Ар башка маанидеги сөздөрдүн тыбыштык жактан дал келүүсү.

**ОМОНЧУЛАР** Милициянын бөтөнчө тапшырма аткарган бөлүгү.

**ОМОФОНДОР** Айтылышы бирдей бирок жазылышы боюнча айырмаланган сөздөр.

**ОМОФОРМАЛАР** Ар башка сөз түркүмүнө тиешелүү болуп, айрым гана грамматикалык формаларында тыбыштык жактан дал келип, калган формалары боюнча тыбыштык жагынан туура келбеген катарлар. (*той* деген зат атооч менен *той* деген этиштин уңгу формалары).

**ОМУР** 1. Омкоруу, түбү менен же түбүнөн томкоруу, оодаруу. *Арыктын суу жырып кеткен жерине чийдин дүңгөсүн омуруп барып салышты* (Убукеев). *Батыш такасын омуруп албайын деп, өтүгүн чечип колуна алды* (Сыдыкбеков). 2. Тоңгон же катыган нерсени (мис., майды) томуруу, омкоруп алуу.

**ОМУРОО** 1. Малдын көөдөнү, көкүрөгү. *Кара чокойдун согончогу эчак эле торпоктун омуроосуна жеткен* (Токомбаев). *Кар аттын омуроосунан келип, оңойлук менен жол бербейт* (Байтемиров). 2. Төштүн ийинден төмөнкү бөлүгү. *Омуроодогу кызыл шуру сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев).

**ОМУРОО КАКТЫ КЫЛУУ** Иштин жөнүнө көп түшүнө бербөө, бүтпөсө деле бүттү деп жүрө берүү. *Эски боюнча омуроо какты кылып жүрө беришке болбойт деген сөздөрдү айтышат* (Осмоналиев).

**ОМУРООГО САЛУУ** Күчкө салуу, коркутуп-үркүтүү, опузалоо. *Мени омуроого салба. Аны омуроо зордукка салып, ой-бойуна койбой алып кетишти.*

**ОМУРООЛО** 1. Омуроого салып жөөлөө, омуроосу менен түртүү. 2. *өт.* Бирөөгө ачууланып тумшугу менен бир тийүү, жулунуу, опурулуу. *Омуроолоп бир тийбе Өзүнчө карап турганга* (Осмонкул).

**ОМУРООЛОО омуроолo** этишинин кыймыл атоочу.

**ОМУРООЛОТ омуроолo** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОМУРТ омур** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОМУРТКА** Адамдын жана көпчүлүк айбандардын бири-бири менен туташкан кыр арка сөөктөрү. *Омурткасы оркоюп, кабыргасы каркайган* (Жантөшев). *Омурткасын оркойтуп, орокчу болот кембагал, кабыргасын каржайтып, кучтүү болот кембагал* (макал).

**ОМУРТКАЛУУ** Омурткалары бар, омуртка түзүлүшүндөгү. *Омурткалуу жаныбарлар.*

**ОМУРТКАҢ СЫНГЫР** Ойноок балага карата тилдөө, жемелөө иретинде колдонулат. – *Омурткаң сынгыр, ойноп жүрүп албадыбы* (Осмоналиев). *Омурткаң сынгырдын оюну да канбайт* (Осмоналиев).

**ОМУРУЛ омур** этишинин туюк мамилеси.

**ОМУРУУ омур** этишинин кыймыл атоочу.

**ОН БАШЫ** *тар.* Он жоокердин башчысы. *Он башчысы ороктоп* («Семетей» С.К.).

**ОН ГҮЛҮНҮН БИРИ АЧЫЛА ЭЛЕК** Али жаш, жапжаш, жаштыгы өтө элек, жаштык курагы эми гана башталган. *Ал гана эмес жашы жете элек, он гулунун бири ачыла элек кыздарды да баңгиликке үйрөткөн.* **В.: Он гүлүнүн тогузу төгүлө элек.** *Он гүлүнүн тогузу төгүлө элек чырайлуу ургаачынын куну жогору, кардар четтен чыгат* (Бейшеналиев). **Өмүрүнүн бир гүлү ачылбоо.** *Өмүрүнүн бир гүлү ачылбай Орозбайдын Бейшени окко учту* (Абакиров).

**ОН** 10 саны. *Он киши. Он китеп.*

**ОН СЕГИЗ МИҢ ААЛАМ** Бардык жандуу, жансыздар орун алган, биз билген жана билбеген аалам, анын бөлүктөрү, бүткүл жер жүзү. *Он сегиз миң аалам – көк өгүздүн жонунда* (фольк.). *Он сегиз миң ааламды Камырдай тепсеп баскандай* (фольк.). *Ала-Тоо батыш менен чыгышыңа Тургандай он сегиз миң аалам сыйып* (Осмонкул).

**ОН ТОЛГОНУУ** Бир чечимге келе албай көпкө ойлонуп убаралануу, ыргылжың болуу, эмне кыларын билбөө. *Көзү так жетпеген Оросул он толгонуп, ок чыгарбай токтоду* (Осмоналиев).

**ОН УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРБЕГЕН к. Үч уктаса түшүнө кирбеген.** *Сен айткандын баарысы он уктасам түшүмө кирбеген жат нерселер* (Мавлянов).

**ОН ЭКИ ТОЗОК БИР КЕЛҮҮ** Абдан катуу кыйноо-кыстоо иштер чогуу келүү. *Силер жөнүндө ойлосом башыма он эки тозок бир келет* (Жантөшев).

**ОН ЭКИДЕН БИРИ ЖОК, УЙ БАЙЛАРГА ЖИБИ ЖОК** Эч нерсеси жок, таптакыр куру кол, куру жалак. *Ал он экиден бири жок, уй байларга жиби жок жүргөн бир байкуш.*

**ОНДАТРА** 1. Суунун жээктеринде, саздактарда жашоочу териси баалуу кемиргич жаныбар. 2. Ошол жаныбардын териси.

**ОНДУЛЯТОР** 1. Телеграфтык кагаз лентасына түшүрүүчү түзүлүш. 2. Чоң ылдамдыктагы электрондордун шооласынын энергиясын электромагниттик нурдануунун энергиясына айландыруучу түзүлүш.

**ОНЖОГОЙ** Олдоксон, өтө узун. *Онжогой куйрук күрөң ат, орустан ашпайт дечү эле* (Арстанбек).

**ОНЖОҢДО** Тартайган, тартандаган эбисыны жок кыймылда болуу. *Деп, ошентип Айчүрөк Онжоңдогон тору аттын Оозун тартып турду эле* («Сейтек»).

**ОНЖОҢДОО онжоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОНЖОҢДОТ онжоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОНКОЛОГ** Шишик, рак ооруларынын адиси.

**ОНКОЛОГИЯ** Шишиктерди жана аны дарылоо усулдарын изилдөөчү медицинанын бир бөлүгү.

**ОНОГУ** *диал.* Алиги, тиги. *Кейитип коет алганын, Жай билбес аял оногу* («Эл адабияты»).

**ОНОК** Эби жок, шыгы жок, чоркок. *Күү черте албас онокко Жазалап арак беришти* («Мендирман»). *Султан өзү сөзгө онок киши* («Ала-Тоо»).

**ОНОМАСИОЛОГИЯ** Түшүнүктөн сөзгө карата изилдөөнү камтыган тил илиминин бөлүгү.

**ОНОМАСТИКА** *лингв.* 1. Тилдеги болгон энчилүү аттардын жыйындысы. 2. Энчилүү аттарды үйрөнүүчү тил илиминин бөлүмү.

**ОНТО** Бир жери ооруудан, кыйналуудан энтиккендей созулуңку дабыш чыгаруу.

*Анда-санда онтоп, тык-тык жөтөлүп Сансыз жатат* (Жантөшев). *Онтоткон – оору, мөгдөткөн карылык* (макал).

**ОНТОГЕНЕЗ** *вет.* Түйүлдүк болуп жаралгандан тартып өлгөнгө чейин организмдин жекече өөрчүшү.

**ОНТОЛО** Үстү-үстүнө, кайра-кайра онтоо.

**ОНТОЛОГИЯ** Бытие, маңыз жөнүндөгү метафизикалык окуу.

**ОНТОЛОО онтоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОНТОЛОТ онтоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОНТОО онто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОНТОТ онто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОНУНЧУ** Ондун иреттик саны.

**ОНФАУНА** Деңиздин түбүндө эркин жылып жашаган жандыктардын тобу. Аларга краб, креветка, деңиз таракчасы, камбала, скат ж.б. кирет.

**ОҢ I** 1. Солдун карама-каршы жагы. *Абылбек оң колунун ортону менен столду акырын гана тырсылдата ургулап койду* (Жантөшев). *Оң жагымда Жапар жатат, Сол жагымда Сулайман* (Үмөталиев). *Оң колуна кайчы алган, Сол колуна барча алган* (Тоголок Молдо). *Оң колуңдун ачуусу келсе, сол колуң менен карма* (макал). 2. Ылайык, туура, дурус, жөн, жөндүү; бузулбаган. *Теги ошончо элдин көзүнөн алыс кеткеним оң болду* (Сыдыкбеков). *[Атам] мен эмнени ойлосом, ошону оң көрөр эле* (Сасыкбаев). *Машина оң эле.*

**ОҢ II** Күндүн, абанын таасири менен бир нерсенин өңү өчүү, кубаруу. *Кырк жылы сууга чыласа, Кылт этип кылы оңбогон* («Манас»). *Бурулбасын, оңбосун Гүл жүзүңөр солбосун* (Үмөталиев). *Жөрүгүмө жүткүнөм да, өкчөлөм, Жүзарчымдай жүдөп, оңуп кеткен өң* (Култегин).

**ОҢ III** Жакшы, оңтойлуу абалга жетүү, түзүк болуп калуу; жыргап калуу. *Дүнүйөнү жайнатып, Аш-тамагын кайнатып, Оңуп жаткан кези экен* («Эр Төштүк»).

**ОҢ ЖАМБАШЫНАН ЖАТУУ** Ондой берди болуу, иши оңунан чыгуу, жолу болуу. *Олжолуу болдум, түндө оң жамбашыман жаткан экенмин* («Жомоктор»).

**ОҢ ЖЫГЫЛ ДЕСЕ, ТЕСКЕРИ ЖЫГЫЛАТ** Айтканды айткандай орундатпайт, тескери кетет, кежирлик кылат. *Мындай, оң жыгыл десе, тескери жыгылган тилазарды көргөн эмесмин* («Чалкан»).

**ОҢ КАНАТ** *тар.* Кыргыз элинин XV–XVI кылымда калыптанган этносаясий түзүлүшүнүн бир бутагы жана уруулук бирикмеси.

**ОҢ КОЛУ** Кимдир бирөөнүн ар кандай ишине жараган, таяныч боло алган ишенимдүү жардамчысы. *Ал кечээ гана Турдалы болуштун оң колу эмес беле* (Мияшев). *Бухара эмиринин Ферганадагы оң колу болуп саналган Ибраимбек корбашынын турган кези экен* (Сасыкбаев). *Калбүбү Караевна болсо айтканын иштеп, Нуруйлага оң кол болуп берди* (Бердикеев).

**ОҢ КӨЗҮ** Абдан ишенген кишиси, ишенимдүү адамы. *Элемандын Төштүктүн Оң көзүнүн бири экен* («Эр Төштүк»). *Тоскон датканын оң көзү аталган Райымбекке ачкычы тапшырылды* (Осмоналиев).

**ОҢ КУЛАГЫҢ МЕНЕН ДА, СОЛ КУЛАГЫҢ МЕНЕН ДА УК** Абдан кунт коюп ук, эсиңден чыгарба, эч качан унутпа деген мааниде. *Оң кулагың менен да ук, сол кулагың менен да ук, Бузук дайыма эле бузук* (Шүкүрбеков). *Калайык калк?! Оң кулагыңар, сол кулагыңар менен уккула!* (Тойбаев). *Муну оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук, түшүнүктүүбү!* (Абакиров).

**ОҢ ТАППАГАНДАЙ** Бир топ, бир кыйла өлчөмдө. *Оң таппагандай көп жүк экен.*

**ОҢ ТАППОО** Катуу тийүү, катуу зыянга учуроо.

**ОҢБОГОНДОЙ** Абдан, өтө, бир кыйла. *Оңбогондой чоң. Оңбогондой кыйын.*

**ОҢГУЛУКТУУ** Жакшы, оңтойлуу, ондуу. *Күн-түн да оңгулуктуу көрүнбөдүм, Мурункү «жаным!..» деген курбум жашка* (Маликов). *Денесинин ысыганы оңгулуктуу уктатпады.*

**ОҢДО** 1. Бир нерсенин бузук жерин түзөтүү, жөнгө салуу, эпке келтирүү. *[Айтбаев] шамдагайлык, эпчилдик менен машинаны оңдоп жатты* (Сасыкбаев). *Шамдын билигин оңдоп коюп, Айнысахан катка үңүлдү* (Жантөшев). *Акбар ашуунун белине түшө калып, ээрин оңдоду* (Убукеев). 2. Бузулган же начарлаган ишти жөнгө салуу, жолго коюу. *Жаңы директор уюштургуч экен, келгенден бери ишкананы оңдоп жиберди.*

**ОҢДОЙ БЕРДИ БОЛУУ** Кандайдыр бир иштин бүтүшүнө өзүнөн-өзү ыңгайлуу жагдай боло калуу, иштин оңолор, жолу болор жагына шарт түзүлүү. *Чолпон келгенде оңдой берди болуп, Алтын үйүндө жалгыз эле* (Байтемиров). *Эми ал каерден оңдой берди болуп чыга калар экен деп көнгөн адаты боюнча... көрүнгөн жерди сагалады.* **В.: Оңдой бердисине салуу.** *Көптүн көңүлү бурулганы оңдой бердисине салыптыр. Эринен чыгарууга айнытыңыз* (Бейшеналиев). *...Жайлоого жеткени ан үчүн оңдой бердисине салгандай* (Бейшеналиев). **Оңдой бердисине түшүү.** *Кызыл кулактарга арзан мал... жалпы туягы саналып дүң соода боюнча оңдой бердисине түшүүдө* (Бейшеналиев).

**ОҢДОЛ оңдо** этишинин туюк мамилеси.

**ОҢДОЛУУ** Бузук эмес, оңдолгон, түзөлгөн.

**ОҢДОН оңдо** этишинин өздүк мамилеси.

**ОҢДОО оңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢДООЧУ** Оңдоп-түзөтүүчү.

**ОҢДОТ оңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОНДОШ онdo** этишинин кош мамилеси.

**ОНДУ-СОЛДУ АНДАБОО** Эч нерсени байкабоо, каалагандай жүрө берүү. *Култашырдын анда оңду-солду аңдабай ого бетер күпүлдөгөн чагы экен* (Абакиров).

**ОНДУР оң** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОНДУУ** Түзүк, дурус; ылайыктуу.

**ОҢКО** 1. Мергенчиликте миңинчи атылган кийик ок тийгенде төрт аягы асманга карап жан берет деген ишеним. *Мурда биздин элден оңко тургузган мерген Калык деген өткөн экен* («Жомоктор»).

**ОҢКО-ЧОҢКО АТУУ** Башмалдак атып, ала салып кетүү.

**ОҢКОГОЙ** Оңкойгон, коңкойгон. *[Көкөнү] колжойгон оңкогой мурун неме жүзүн үйрүп ормоңдоп опузалады* (Касымбеков).

**ОҢКОЙ** Эби-сыны жок болуп, өзгөчө колдоюп бөлүнүп туруу, коңкойгон көрүнүштө болуу. – *Кырдач мурун жар кабак, Ызырынып оңкоюп* («Эр Табылды»).

**ОҢКОЛО** 1. Башмалдак атуу, төбөсү менен сайылуу, оңкосунан түшүү. *Оңколоп далай фашист кулап жатты* (Үмөталиев). *Оңколой түшөт атканым, Ордунан турбайт чапканым* (Үмөталиев). 2. *өт.* Жакшы өсүү, дүркүрөп калың чыгуу. *Жердин сырын билген карыялар, бул жерге эгин тим эле оңколоп кала тургандыгын айтышты* (Байтемиров).

**ОҢКОЛОО оңколо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢКОЛОТ оңколо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОҢКОСУНАН ТҮШҮҮ** 1. Башмалдак атып, башы менен жер сайып жыгылуу. *Тоодон учканда оңкосунан түшүп, арка-моюну астында калыптыр.* 2. Кызматынан, ишинен жыдып түшүп калуу. *Аның оңкосунан түшүп, азыр жели чыгып калыптыр* («Чалкан»). **В.: Оңкосунан кетүү.** *Жаза басып алып оңкосунан кетти. Ал эчак эле оңкосунан кеткен, азыр бош.*

**ОҢКОЧУК АТУУ** Башмалдак атуу, оңкосунан кетүү, оңкосунан түшүп ала салып кетүү. *Баш менен мен оңкочук атып жаттым* (Үмөталиев).

**ОҢО** 1. Жолго коюу, кемчиликтерди жоюу. *Жаңы жетекчи чарбаны оңойм деген жакшы тилекте ойлонуп жатып, терең уйкуга кетет* («Чалкан»). 2. Ирдентүү, эттендирүү; турмушун, саламаттыгын ж. б. дурус абалга келтирүү, түзөө. *Баатырдын күчүн арттырып, Калыбына келтирип, Канын оңоп жеткирип* («Эр Табылды»).

**ОҢОЙ** 1. Жеңил, жеңил-желпи, кыйын эмес. *Адис капканчылар үчүн жылдын бардык мезгилдерине караганда, сары сойгокто карышкыр кармоо оңой* (Каимов). 2. Бат, тез, ылдам. *Оңой менен ачуусу келүүчү эмес* (Бөкөнбаев). *Майданга бышкан көк жалдар Оңой менен кебелбес* (Элебаев).

**ОҢОЙ-ОЛТОҢ** Жеңил-желпи, жеңил. *Манастын уулу Семетей Оңой-олтоң эр эмес!* («Семетей»).

**ОҢОЙ ООКАТ** Маңдай тер менен табылбаган, жеңил. *Митайымдык кылуу, куулануу, ууру кылуу, оңой оокатка берилүү – чабалдыктын белгиси* (Медетов).

**ОҢОЙЛО** Оңтойлотуу, жеңилдетүү, оңой алына турган оңтойлуу абалга келтирүү.

**ОҢОЙЛОО оңойло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢОЙЛОТ оңойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОҢОЙЛУК** Аткарууга жеңилдик. *Токтогулду качыруу оңойлук боло койгон жок* (Бөкөнбаев). *Кар аттын омуроосунан келип, оңойлук менен жол бербейт* (Байтемиров).

**ОҢОО оңо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢОЛ оңо** этишинин туюк мамилеси.

**ОҢОШ оңо** этишинин кош мамилеси.

**ОҢТОЙ** Ылайыктуу абал, ыңгайлуу учур, ондуу кырдаал. *Оңтоюма келтирип, Ооганга булук бир салам* («Курманбек»).

**ОҢТОЙЛО** Оңтойлуу абалга келтирүү, ыңгайына, кырдаалына келтирүү, оңтоюна келтирүү. *Калемди Жапар оңтойлоп, Ойноктото кармады* (Маликов).

**ОҢТОЙЛОН оңтойло** этишинин өздүк мамилеси.

**ОҢТОЙЛОО оңтойло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢТОЙЛОТ оңтойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОҢТОЙЛУУ** Ылайыктуу, ыңтайлуу, ыңгайлуу; учуру, кырдаалы келген. *Кара-Жылга малга да, адамга да өтө оңтойлуу: жери от, отуну да кенен* («Ала-Тоо»). *Оңтойлуу абал.*

**ОҢТОЙСУЗ** Ылайыксыз, ыңгайсыз абал.

**ОҢТОЙСУЗДАН** Ыңгайсыз абалда калуу.

**ОҢТОЙСУЗДАНУУ оңтойсуздан** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢУЛДА уңулда** менен бирдей.

**ОҢУЛДАТ оңулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОҢУЛДАШ оңулда** этишинин кош мамилеси.

**ОҢУЛДОО оңулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢУРАЙ** 1. Үңүрөйгөн, чоң оюп алынган көрүнүштө болуу, тешиги чоң болуп көрүнүү. *Оңурайып эле көзүнүн орду калган. Арзымат көрө калды дароо дзотту, Жапжакын оңураят жеңдей тешик* (Үмөталиев). 2. Ормоюу, жактырбай үңүрөйө караган көрүнүштө болуу. *Акия оңурая карап койду* (Сыдыкбеков).

**ОҢУРАЙТ оңурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОҢУРАНДА** Одурандоо, ормоң этип бир тийүү, оройлонуу. *Ордумча айтсам, оңбодуң, Оңураңдап болбодуң* («Эр Төштүк»). *Оройлорго сөз айтсаң, Оңураңдап тырчыктайт* (Калык).

**ОҢУРАНДАШ оңуранда** этишинин кош мамилеси.

**ОҢУРАНДОО оңуранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢУУ оң** этишинин кыймыл атоочу.

**ОҢЧУЛ** *тар.* Коммунисттик идеологияга көз караштары карама-каршы келген агым. *Оңчул партия. Оңчул көз караштагы адам. Оңчул багыт.*

**ОҢЧУЛУК** Жакшылык, туура иш. *Досту кас деп жипкиртсең, Оңчулукпу кишиге?!* (Аалы).

**ОҢЧУЛУКТУУ** Оңгулуктуу, түзүк, ондуу.

**ОҢШОЙ** Оңкойгон көрүнүштө болуу. *Карылыктын айынан Отурамын оңшоюп, Улуган иттей шоңшоюп* («Эр Төштүк»). *Кара сакал оңшоюп, Ак сакалын карады* («Эр Төштүк»).

**ОО I** 1. Бир жагына кыйшаюу, бир жагына карата оордук абалда болуу. *[Акбар] ооп түшүп калбагандай кылып куюшкандады да, торуну коё берди* (Убукеев). *Жыгылган оогонго күлөт* (макал). 2. Бир жактан экинчи жакка которулуу; жер которуу. *Ooган соң жүгүң бир жакка, Оңолбойт экен мындайда* (Казыбек). *Жеринен оогонго жети жылы конуш жок* (макал). *[Карышкыр] бир жактан ооп келген бейм дейм* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Өтүү, багыт алуу, бурулуу. *Сөз өлкө, фронт жагына оогондо, Андрей серпилип, чыйралды* (Сасыкбаев).

**ОО II** 1. Таң калганда, өкүнгөндө ж. б. ички сезимин билдирүүдө колдонулат. – *Оо, поезд келүүгө али көп бар экен, – деди [жүргүнчү]* (Сасыкбаев). *Оо, жапан тал, күүлө ырдын балдарын, Оо жалгыздык, эшик какпай төрүмө өт* (Белеков). 2. Бирөөнү чакырууда же бирөөгө кайрылууда колдонулат. – *Оо, сен кимсиң деди* (Убукеев). *Оо, казак эл, кеңпейили көрүнгөн, «Манаска» да көңүлдөрү бөлүнгөн* (Акматалиев).

**ООБА** Макулдугун билдирүү, ырастоо иретинде колдонулат. – *Ооба, кагылайын... адис неме экен го, чиркин* (Сыдыкбеков). *Ооба, айтабыз, каалабайбыз согушту!* (Нуркамал).

**ООДАР** 1. Ордунан козгоп ала салдыруу, аңтара коңторуу. *Заңгелдей зор ташты бат эле кашатка оодара салды* (Сыдыкбеков). 2. Ичин аңтаруу, аңтарып кароо, тинтүү. *Жеңеси ары жакта илинүү турган сумкасын оодара кетти* (Таштемиров). 3. Бирөөнү ат үстүнөн алып түшүү, эңип түшүрүү. *Атынан оодарам деп антет, минтет, Чыдабай чап далыдан алды Мамбет* (Турусбеков). 4. Ичин сыртына каратып аңтаруу. *Оодарып тиккен кемсел.* 5. Ордунан козгоп аралаштыруу, ордун алмаштырып козгоо, астын-үстүн кылып козгоо. *Эт оодарды.* 6. Бирөөгө шылтап салуу. *Күнөөсүзгө оодарышат жалааны, Оор туман басып турат калааны* (Шакирова).

**ООДАРТ оодар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООДАРУУ оодар** этишинин кыймыл атоочу.

**ООДАРЫЛ оодар** этишинин туюк мамилеси.

**ООДАРЫШ I** Эңиш, ат үстүнөн эңишүүчү улуттук оюн. *Тамаша оодарыш күрөштөн башталып, аягы жамбы атууга токтоду* (Жантөшев). *Оодарыш, күрөш, ат чабыш Ойноду нечен баатырлар* (Осмонкул). *Басмайылым бек тартып, Оодарышып нетемин* (Барпы).

**ООДАРЫШ II оодар** этишинин кош мамилеси.

**ООДУ** Жер которгон адамдар. *Жер ооду болгон адамдар.*

**ООДУК** Бир жагына басымдуу, бир тарабы көбүрөөк, оорураак.

**ООДУР оо II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООЖ** Күч алуу, жандануу, тез өсүү. *Кең казына эмгектен Кызматын кылган олжо алат. Байтеректей буралып, Кыз балдары жетилип, Бары бир жогу оож алат* (Эл ырлары).

**ООЗ** 1. Адамдын жана жан-жаныбарлардын тамактануучу мүчөсү. *Ооздон чыккан сөз – колдон учкан куш* (макал). *Оозу күйгөн үйлөп ичет* (макал). *Алдында турган кесени оозуна ала коюп кайра Марусяга сунду* (Сыдыкбеков). 2. Түрдүү идиштердин же нерселердин моюн жагындагы же уч жагындагы ачыгы. *Чаргын чаначты, чымчып буулган оозунан тутамдай кармап, чайкай баштады* (Сыдыкбеков). *Чоордун оозун тазалап, тарта баштаганда, Каныбек Жуманын маңдайына отура калды* (Жантөшев). 3. Короого, коктуга, капчыгайга ж.б. кире бериш жери; дарбаза; кире бериштеги ачык жер.

**ООЗ АЙЫБЫ** Сөзүнөн жаңылып же бирөөгө тил тийгизип, шагын сындырып, уят кылып койгондугу үчүн тарткан айып, жаза. *Илгери ата-баба салтында ооз айыбы үчүн жаза катуу болгон. Ооз айыбыңызды тарта элегиңизде, сөзүңүздү кайра алыңыз* (Бейшеналиев). *Карган томаяк ооз айыбын тартып, өз жеринен топурак буюрбай калсын* (Бейшеналиев).

**ООЗ АПЫРТМА** Көтөрүп, кошуп айтма, өтө көтөрө чалма, ашыкча мактап жиберме. *Менин ушундай ооз апыртмам бар* (Абдукаимов). **В.: Ооз көптүрмө.** *Ушундай жерде ооз көптүрмөнүн кереги эмне, – деп энем аларды тыйган болду* («Асаба»).

**ООЗ АЧА АЛБОО** Жооп таппоо, жообун табууга чамасы келбөө. *...Сүйүктүү кайнимай, сен эмне деп турасың, – деп акырын айтса да, оозун ача албай каларын билди* («Ала-Тоо»).

**ООЗ АЧКЫС КЫЛУУ** Экинчи сүйлөгүс, баш көтөргүс кылуу. *Жалий катуу кагып, ооз ачкыс кылууга ыкыстап токтоду* (Бейшеналиев).

**ООЗ АЧПОО** Сүйлөбөө, унчукпоо, эч нерсе

айтпоо. *Абдил карыя менен жаңы келинден башкасы лам ооз ачышкан жок* (Алыбаев). *Энем экөөбүз ооз ачпай, ары-бери айланып жүрдүк* («Кыргызстан маданияты»). *Иштеги кемчиликтер жөнүндө ооз ачпоо кандай олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин көрсөтүп отурат.*

**ООЗ АЧУУ** Орозосун ачуу, рамазан айында жарык чыккандан күн батканга чейин тамак ичпей, кечинде убагы келгенде тамак ичүү. *Апам ооз ачууга жаңы эле отурган.*

**ООЗ АЧЫП ӨПКӨН, КӨЗ АЧЫП КӨРГӨН** Биринчи төрөлгөн тун бала же эң биринчи келген келин деген мааниде. *Ооз ачып өпкөн, көз ачып көргөн балам сен эмес белең* («Ала-Тоо»).

**ООЗ АЧЫРБОО** Сүйлөтпөө, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Анын ушул сөзү көптөн бери жүрөгүн зилдетип, акыры аны ооз ачырбай, мокотуп келген кеселдин өзүнө окшоду* (Ашымбаев). *Андан башка айланын жоктугу ооз ачырбай, кимдин да болсо демин кесип тунжуратты* (Касымбеков).

**ООЗ БАСЫРЫК** Жашырын сырды же бир нерсенин дайынын башка бирөөгө билгизбөө, чыгарбоо, жаап-жашырып коюу үчүн бериле турган же берилген баалуу буюм, нерсе, пара. *Тигил миң башы менен старчынга, элүү башыларга берилген ооз басырыкты эмне дейсиң* (Абдукаримов). *Ко-ош мырза! Убадаң боюнча ооз басырыкты төлө* (Осмоналиев). *Азырынча колуктунун ооз басырыгына Манас менен Каныкей аралашкан окуяларды ала туралычы* (Бейшеналиев).

**ООЗ БЕКИТҮҮ** Орозо мезгилинде орозонун шартына ылайык эртең менeнки таң куланөөк салган убактан кеч күүгүмгө чейин тамак ичпөө. *Уул, келининин айтканына болбостон, чал менен кемпир ооз бекитип алышты* («Ала-Тоо»).

**ООЗ ЖҮЗҮНДӨ** 1. Оозеки. 2. Иш жүзүндө эмес.

**ООЗ КАРМАНУУ** *к.* **оозун кармануу.**

**ООЗ КЕСИР** Опурула, мактана сүйлөгөн текебер сөз, курулай мактаныч. *Ооз кесирден сактансын, азыр Куубай тукуму өзүнчө кутман журт* (Мавлянов).

**ООЗ КЕСИРСИЗ** Айтты-койду дебестен; сөзсүз. *Төрөгө жана өзүбүздүн мыктыларга берген убада-шертиңди ооз кесирсиз аткарамын* (Бейшеналиев).

**ООЗ КОМУЗ** Улуттук музыкалык аспаптын бир түрү.

**ООЗ КӨПТҮРҮҮ** Мактануу, курулай менменсинүү, көтөрүлүп сүйлөө. Ооз *көптүрүп, Ойду ээрчиткен кур кыял, Ойлочу дос, Кайдан келсин көңүлгө?* (Маликов). *Ушу али да «мен Төрө менен Токтогулду айдатып», «тиги эле Курманжан датка өзү арага киши салса болбой» деп, оозун көптүрүп, мактаныч кылып жүрөт* (Касымбеков). *Күз келди, күз менен бирге Орозкул жайында көргөн сый-урматынын акысын, ооз көптүрүп берген убадасын, күзгө чейин деп алган карызын төлөөр учур келди* (Айтматов).

**ООЗ КЫЯК** Үйлөө аркылуу күүлөр ойнолуучу кичинекей музыкалык аспап.

**ООЗ МАЙЛОО** 1. Бирөөнү белгилүү максат үчүн коноктоп, сыйлап коюу, көңүлүн алуу же паралоо. *Бай, старчындардын оозун майлап койгондуктан, аны колдойт* (Абдукаримов). *Кудайбергендин балдары чоңунун оозун майлап, кушчудагы туугандарынын алдына да барышкан* (Каимов). 2. Кылмышын, айыбын билип калган адамга ооз басырык кылып бир нерсе берүү. *Иштин түбү жаман жакка чаап бараткaнын байкаган соң пара-сараны басып берип, улуктун оозун майлап, аке-жакелеп араң кутулду* («Ала-Тоо»).

**ООЗ МЕНЕН ОРОК ОРУУ** Дайынсыз сөздөрдү сүйлөө, тантыроо, ооз жүзүндө ишти бүтүрө берүү.

**ООЗ ОМУРТКА** Омуртканын эң башкысы, жогору жакта турганы. *Ооз омуртка тушу деп, Оң кылбас жерим ушу деп* («Эр Табылды»).

**ООЗ ОТУ** Салык, алман, алым.

**ООЗ ТИЙҮҮ** Даам татуу. *Түшүңүз даам ооз тийиңиз!* (Каралаев). – *Иним, эң мурун оокаттан ооз тиели!* (Каимов).

**ООЗ УЧУНАН** Анча көңүлдөнбөй, чын пейли менен эмес, кайдыгер гана. *Тигил кишинин атын алгыла! – деген болуп ооз учунан урмат көрсөтүп коюшуп, өздөрү бой көтөрүшөт* (Сыдыкбеков). *Келген экөө ооз учунан Акбар менен эсендешти да, бел чечпестен калдая тарта орун алышты* (Убукеев). *Кээ бир учурларда маалымдуулук жана кайра куруу деген сөздөр ооз учунан айтылып жаткандай сезимдер пайда болуп жатты.* **В.: Ооз учу менен.** *Серкебай Алымбектин кунун төлөп берүүгө ооз учу менен макулдук берип, баш ийкеди* (Осмоналиев). *Анын ооз учу менен айткандары аялы менен балдарынын кулак учунан кетти* (Каимов).

**ООЗ УЧУНАН ЖООП КАЙТАРУУ** Көңүлдөнбөй, араң эле жооп берүү. *Ооз учунан жооп кайтарды.*

**ООЗАН** 1. Кандайдыр бир сөздү айтып жиберүү, айтуу. – *Иш илгери, карыя!* – *деди Жапар Жутабай карыя жакындаганда андан мурун оозанып* (Баялинов). *Кагылайын Элдияр, Ант оозанган тилиңден* («Эр Табылды»). 2. Оозуна алуу, даамын көрүү, даам татуу.

**ООЗАНДЫР** **оозант** менен бирдей.

**ООЗАНДЫРУУ** *к.* **оозантуу.** *Эки-үч карын май алып, Эми оозуна сал деди* («Манас»).

**ООЗАНТ** **оозан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООЗАНТУУ** Жаңыдан төрөлгөн балага бе-

рилген биринчи даам. Адатта, бул эненин сүтү. Ага удаа майлуу, сүттүү – дөөлөттүү, бардыгер болсун үчүн сары май берилет (даамын таттыруу аракети менен жалатат, эрдине сүртөт ж.б.) *Оозантмакка баланы, Оң эмчегин салганы* («Манас» С.О.).

**ООЗАНУУ оозан** этишинин кыймыл атоочу.

**ООЗГО АЛАРЛЫК** Бир нерсеге татырлык, арзырлык. *Оозго аларлык иш кылган жок. Оозго аларлык деле кеп айта алган жок.*

**ООЗГО АЛГЫС** Айтууга мүмкүн болбогон, айтуудан уяла турган, абдан уяттуу, ыплас. *Оозунан ак ит кирип, сары ит чыгып, оозго алгыс сөз сүйлөдү.*

**ООЗГО АЛЫНБОО** Катардан чыгуу, эскерилбөө, кошула албоо. *Ошол күндөн баштап оозго алынбай Жангечти катардан чыгат* (Осмоналиев).

**ООЗГО АЛЫНУУ** *к.* **оозго кирүү.**

**ООЗГО БАТПАС СӨЗ АЙТУУ** Ашкере, ашыкча, көтөрө чалып сүйлөө. *Ошондо Канат тарабындагылардын бирөө «оозго батпас сөздү айтып» турганын кара!* (Үмөталиев).

**ООЗГО ИЛИНҮҮ** *к.* **оозго кирүү.**

**ООЗГО КИРҮҮ** Өзүнүн жакшы сапаттары, адамгерчилиги менен элге белгилүү болуп, эл оозунда айтыла баштоо. *Нүзуптун даңкы бүткүл Таласка жайылды, ага кошумча өзүнүн түз сөздүүлүгү, сыпаачылыгы менен оозго кирип, элге алынып, мырза атыгып, күндөн күнгө кадыры артты, досу, курдашы, санаалашы көбөйдү* (Касымбеков). *Тунгуч аштойго барып балбанга түшүп, ошондон оозго кирет* (Осмоналиев). *Асанбек оозго кирди, атагы берки айылдан аркы айылга кетти* (Осмоналиев). **В.: Оозго алынуу.** *Жүрүштурушу менен тез эле оозго алынып кеткен жеңебиздин эмгегине да эл ыраазы. Анын үстүнө орто мектепти дурус бүтүп, анчамынча оозго алынып калган* (Мавлянов). *Жылдызкан дароо эле оозго алынды* (Байтемиров). **Оозго илинүү.** *Кече гана көчөдө топ кубалап жүргөн балакай бир эле күнү күйөрмандардын сүймөнчүлүгүнө жетип, жарданган көпчүлүктүн оозуна илинет* (Айтматов). *Мурун эл ичинде көрүнгөнгө түрткү болуп жүргөн кишилер да аштыкка бир чыгып келип, оозго илинди* (Нурпеисов). **Эл оозуна кирүү.** *Эл оозуна кирип, көпчүлүккө таанымал болуп калышты. Жигит атка конуп, эл оозуна кирди* («Кыргызстан маданияты»). *Топ аралап, эл оозуна кирип, жакшы атанып кетүүгө дилгир жаш уландар эмес...* (Касымбеков).

**ООЗГО СУУ УУРТАП АЛГАНДАЙ** Такыр унчукпоо, үн катпоо, сүйлөбөө. *Оозго суу ууртап алгансып үн катпай отурганыбыз наадандыкка жатпайбы* (Борбиев).

**ООЗГО ТҮШКӨН АЛМА** Даяр оокат, маңдай тер, мээнет кетпеген дүнүйө. *Анын колго түшкөн коену да, оозго түшкөн алмасы да, башы тогуз, аягы сегиз төлгөсү да боло беришет* (Кыдырмышев).

**ООЗГУ** Сырткы, тышкы, кире бериштеги. *Шекер оозгу үйгө чыгып самовар коюуга киришти* (Убукеев).

**ООЗДОН ООЗГО ӨТҮҮ** Элге жайылып кетүү, биринен-бирине угулуп, дайын болуу, тарап кетүү. *Батыйна жөнүндөгү кабар бат эле ооздон-оозго өттү* (Сыдыкбеков). *Чөмүч молдонун бул ыры ооздон оозго өтөт* (Осмоналиев). *Мейли жазылган жанытма казал жайылаар. Ооздон оозго, колдон колго өтөөр* (Бейшеналиев). **В.: Ооздон оозго жортуу.** *Канаттуу сөз, мурдагы Бошкойдун кордоосун тебелеп ооздон оозго жортту* (Бейшеналиев). **Ооздон оозго көчүү.** *Ал ооздон оозго көчүп, тоо арасында ырдалып келген* (Осмоналиев). *Маанилүү окуяларды угуу, кайталап айтылып, улам толукталып... ооздон оозго көчүү деген – себепкер адамдын беделин көтөрөт* (Осмоналиев). **Ооздон оозго тароо.** *Калмурзанын ыры ооздон оозго тарап, узун элдин учуна дейре угулат* (Бейшеналиев). *Жолуңда кездешкен айылдарды ...кырып-жоюп келаткан кабар ооздон-оозго тарап дүңкүлдөп жатты* (Нурпеисов).

**ООЗДОН ТҮШҮРБӨӨ** Дайыма айтылуу, сөз болуу, эл арасында даңазалануу, унутулбоо. *Армандуу зайып, бийкечтердин өз дилинен чыккандай сызылтып ооздон түшпөс даңазалуу ырларына айлантуусу мүмкүн* (Бейшеналиев). *Үйрөнүп, Байымбет байкебиздин казалы деп... кыз оюндарында ооздон түшүрбөй ырдап жүрсөк дейбиз* (Бейшеналиев).

**ООЗДОН ЧЫГА ЭЛЕКТЕ** Айтары менен, ошол замат, дароо, токтоосуз. *Баланын кичи пейил, элпектигине ыраазы болосуң. Бир нерсени ооздон чыга электе орундатып коёт* («Кыргызстан маданияты»).

**ООЗДОН ЧЫГАРБОО** Башка бирөөгө айтпоо, эч кимге билгизбөө. *Бирок, бул милдетти башка бирөөгө оозуңдан чыгаруучу болбо* (Сасыкбаев).

**ООЗДОРУНА СӨЗ АЛБОО** Унчукпоо, сүйлөбөө, кеп айтпоо. *Там ургандар болсо бир далайга ооздоруна сөз албай, эч ойго келбеген мындай зордукка ишенип, ишенишпей жалдырашууда* (Акматов).

**ООЗДУГУ ЖОК АТТАЙ** Адепсиз, тартиби жок, уялганды, ийменгенди билбеген. *Оздугу жок аттай болуп, жүргөнү жаман.*

**ООЗДУГУН КАГУУ** Шагын сындыруу, унчуктурбай, сүйлөшпөй демин кайтарып коюу. *...Бир сапар, удулу келгенде Календин оздугун кагып койду* (Акматов).

**ООЗДУК** Жүгөндүн кайышына бириктирилген, жүгөндөгөндө аттын оозуна салына турган темири. *Акийма... атынан түшүп, оздугун чыгарып, чылбырынан кармады*

(Жантөшев). *Кара болот ооздук Көмөкөйдө карсылдап* («Манас»).

**ООЗДУК САЛУУ** Баш ийдирүү, багындыруу. *Какыраган жерлерге, Ооздук салып Чоң Чүйгө, Бурганыңа кубанам* (Осмонкул).

**ООЗДУКТА** 1. Ооздук салуу. *Жанына адам жолотпогон азоолорду ооздуктап минген учуру да болгон* («Чалкан»). 2. Баш ийдирүү, багындыруу, эпке келтирүү. *Оюмда бар менин да, Балам, ооздуктайын, токтогун* (Токтогул).

**ООЗДУКТАЛ** **ооздукта** этишинин туюк мамилеси.

**ООЗДУКТАН** **ооздукта** этишинин өздүк мамилеси.

**ООЗДУКТОО** **ооздукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ООЗДУН ЖЕЛИ** Ооздон бир чыгып кеткен сөз, куру бекер айтылган, ишке ашпай турган кургак сөз. *Башка көрө албаган жат көздөр ооздун жели, куру мактаныптыр деп жорушар* (Жусупов). *Менин оозумдун жели колум менен дароо чукталат* (Бейшеналиев). **В.: Ооз жели.** *Далай касиети артык манасчылардын керектүү чыгармалары ооз жели, өз башы менен кетти да, унутулду* (Бейшеналиев). *Бирөөгө кыямат... түйүнү табылбас туюк нерсе, бирөөгө опоңой ооз жели менен чечилет* (Бейшеналиев).

**ООЗДУН ЖЕЛИН АЁО** Бир нерсени айткысы, сүйлөгүсү келбөө, айткандан эринип, кыйыктанып коюу. *Оозуңдун желин аябай, мен жөнүндө айта кет* («Ала-Тоо»).

**ООЗЕКИ** Жазуу жүзүндө эмес, ооз жүзүндө, айтуу жолу менен. *Оозеки адабият. Оозеки сынак.*

**ООЗУ АЧЫК** 1. *к.* **ачык ооз.** *Капуста эккенди мен мына бу оозу ачык, обу жок жеңеңди билгендей билчүмүн* (Егиналиев). 2. Орозо кармабаган, оозу бек эмес. *А киши орозо кармабайт, оозу ачык.*

**ООЗУ АЧЫЛУУ** Бир нерсеге аябай таң калуу, танданып, делдейип туруп калуу. *Жеңем Лайлыкандын ыйлаганын көрүп, оозу ачылып, корко баштады* (Жантөшев). *– Ой, көрбөгөндөчү, укмуш болду. Оозум ачылып калыптыр. Куч деп ушуну айт* (Айтматов). *...Эки өркөч төөдөн башка тирүү жан жок жерде да адам турат экен деп ооздору ачылып өтүп жатпайбы* (Айтматов).

**ООЗУ БАРБОО** Бирөөгө бир нерсени батынып, даап айта албоо, тарткынчыктоо. *Курдаш деген сөздөн кийин Айнагүлдү байбиче деп айтышка Батийнанын оозу барбады* (Сыдыкбеков). *Алмакан апа элден мурун почтодон укса да айтууга оозу барбай, үйүнө ыйлап кирип кетти* (Жусупов). *...Ашырбек нечен-нечен ич күптүүсүн кыйкырып жибере жаздап, бирок, ага оозу барбай ачуусун ошол тушта суу көтөрүп чукул келип калган аялын көздөй атырылтты* (Акматов). **В.: Оозу батпоо.** *«Жакшылык кабарбы?» деп сурашка Искактын оозу батпады* (Касымбеков). *Дөөттүн бул жоругун көргөндөр аны карып калды деп айтууга оозу батпайт* (Осмоналиев). *– Оозум батпай турду эле, датка! – деп калды* (Касымбеков).

**ООЗУ БЕК** 1. Орозо кармаган, орозонун шартына ылайык келбеген учурда тамак-аш ичпеген, оозуна даам албаган. *– Орозо айы эмеспи, оозум бек эле, балам* (Осмоналиев). 2. Оңой менен оозунан сөз чыкпаган, ичине сыр сактай алган. *Андан коркпой эле кой, анын оозу бек* («Ала-Тоо»).

**ООЗУ БОШ** 1. Ичине сыр сактай албаган, ачык ооз. *Оозу бош жаным, кайдан божурап ийдим* (Сыдыкбеков). *Жамалкан эженин оозу бош* (Абдукаимов). *Балдар, мен төлгөнү бекер ачтырган экенмин, эми оозу бош киши айтпай тура албайт* (Абдукаимов). 2. Чын ыкласы менен эмес, калп эле, ооз учунан гана. *Анысы чын дечи, – деп оозу бош кобуради* (Ашымбаев). *– Келиңиз, – дедим оозум бош* («Кыргызстан маданияты»). *Кары чоочуркап тиктеп, оозу бош салам айтты* (Касымбеков). *Шакир Саяктын көңүлүн улай, оозу бошураак унчукту* (Абдыраманов).

**ООЗУ БОШОО** Кептери түгөнүү, сүйлөп бүтүү, сөзүнүн аягына чыгуу. *Кептен ооздору бошоп карап калышты* (Осмоналиев).

**ООЗУ ЖАП БОЛУУ** Сүйлөөгө, кеп айтууга даай албоо, жооп кайтара албай тим болуу, сүйлөй албай калуу. *Айдайкандын оозу жап болуп, эшикти тарс жаап чыгып кетти* (Убукеев). *Бу Муса кайда жүрөт?– ...деди да, оозу жап болду* (Убукеев). *Ошону менен Мукандын оозу жап боло турган* (Саатов).

**ООЗУ ЖЫЙЫЛГАНЧА** *к.* **оозун жыйып алгыча.**

**ООЗУ КАТУУ** Баш бербеген, тизгин тартканга оңой менен көнбөгөн, ала качма (көбүнчө жылкыга карата). *Бул кудай ургурдун оозу аябай катуу* (Медетов). *Оозу катуу жорго.*

**ООЗУ КҮЙҮҮ** Экинчи айткыс болуп жалкып калуу. *Оозу күйгөн неме дагы айтууга даай алган жок* («Чалкан»). *Эчен оозу күйүп, жалкотой болгон кургур, калыс сөзүн айта албай жалтактап, артын качырды* (Кыдырмышев).

**ООЗУ МЕНЕН ОРОК ОРУУ** Колунан эч нерсе келбесе да «бүтүрөм», «кыйратам» деп курулай опурула берүү, айта берүү. *– Оозуңар менен орок оруп, тилиңер менен машак тере турган кокуй немелер экенсиңер! – деп, келин наарaзыланды* (Убукеев). *Мага айтпагандын баарын айттырып, оозу менен орок оро бериптир* (Жигитов). *Ошол экөө биригип алып, оозу менен орок оргондой болсо, жиниң келет* (Саатов). **В.: Оозу менен оттоо.** *– Эмне деп оозуң менен оттоп турасың* (Нурпеисов). **Оюна келгенди оттоо.** *Оюңа келгенди оттоп жүрсөң максатың ишке ашпайт* (Тойбаев). *Садыр чындап мас болду.*

*Ал оюна келгендин баарын оттоп жатты* (Мырзаев).

**ООЗУ-МУРДУ КЫЙШАЙБОО** Айтууга болбой турган, ыгы келбеген нерсени уялбай, ийменбей айтып салуу, каратып туруп калп айта берүү. *Оозу-мурдуң кыйшайбай туруп кантип айттың ушуну* (Байтемиров). *...Окуучулардын ордуна башка жандыктарды окутуп каларына күнөм жок экендигин оозу-мурду кыйшайбай жазса соо киши күлөт да!* (Жусубалиев). *Ошондо оозу-мурду кыйшайбай туруп эле «ат табылганча аяк улоо» деди* (Саатов). **В.: Оозу-мурду кыйышпай.** *Айтор оозу-мурду кыйышпай туруп, жакында ишке киришебиз десе болобу* («Чалкан»).

**ООЗУ-МУРДУНАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ** Абдан окшош, союп каптагандай. *Мунун атасына окшоштугун карасаң, тим эле оозу-мурдунан түшө калгандай* (Аалы).

**ООЗУ-МУРДУНАН ЧЫГУУ** 1. Ашыра ичүү, өлчөмүнөн көп ичип-жеп коюу. *Ичимдиктерди тапшырышып келишип, күбү менен быштырып коюп тойгончо, ал тургай оозу-мурундарынан чыкканча ичишиптир* (Мавлянов). *Үйдө болгон тамакты оозу-мурдунан чыкканча шыкады* (Бердикеев). *Эт, май, чайды оозу-мурдунан чыгарып шыкап турбаса, чукчуюп кабагын ачпаган неме* (Кыдырмышев). 2. Ай-күнүнө жетип, төрөрүнө жакындап калуу (кош бойлуу аялга карата). *Аялынын оозу-мурдунан чыгып турат. – Былжыраба! Башка кесир кылба. Оозу-мурдунан чыгып турса* (Садыбакасов).

**ООЗУ-ООЗУНА ЖУКПОО** Эч буйдалбай шакылдатып, тартынбай тез сүйлөө. *Шволиканын оозу-оозуна жукпай сүйлөгөнүн кунт коюп угуп турду* (Ашымбаев). **В.: Оозу-оозуна тийбөө.** *Аның тим эле оозу-оозуна тийбеген неме экен го* («Ала-Тоо»). *Бул чоң согуш баарыбызды кырмак болду го! – деп, оозу-оозуна тийбей такылдады* (Абдукаимов).

**ООЗУ ТАШ БОЛУУ** Унчукпоо, сүйлөбөө. *Коңурбай колго баш болду «Коркпойсуң» деген какшык сөз Ошондо оозу таш болду* («Манас»).

**ООЗУ ТАШ КАБУУ** *к.* **таш кабуу.**

**ООЗУ ШОК** Оозуна келгенин эч тартынбай кереги бар же жогуна карабай сүйлөп салма, айтайын дегенин айтып коймо. *Оозу шок Франтишекти ким тыят* (Ашымбаев). **В.: Шок ооз.** *Шок ооз бала. Шок ооз жигит.*

**ООЗУ ЭМДҮҮ** Айткан-дегени таасирдүү. *Ырп этээр дармансыз жатса да, оозу эмдүү, ...буту кишенделүү пенденин зары, куйүттүү кемпирди жашытат* (Бейшеналиев).

**ООЗУЛ** Ооздун ичи сезгенген оору.

**ООЗУМДУ АЧЫП ӨПКӨНҮМ** *к. Ооз ачып өпкөн, көз ачып көргөн.*

**ООЗУМУ КАРА ЖАМА ЖЕСИН** Экинчи андайды айтпайм, оозанбайм деп каргануу, ант кылуу маанисинде колдонулат. *– Айтпа десең, айтпайм. Мындан нары кыңк этип ооз ачсам, оозумду кара жама жесин* (Казакбаев).

**ООЗУН АҢЫРДАЙ АЧУУ** Таң калуу, айран-таң болуу. *От жагар эч камтамасы жок, тике турганы боюнча чараны кош колдоп көтөрүп, жорокорлордун оозун аңырдай ачып, бут шыңгытып, түбүн сарыктырып ууртап салды* (Касымбеков). **В.: Оозун араандай ачуу.** *Араандай оозу ачылып, Тизгинине ал жетпей* («Манас»).

**ООЗУН АППАК КЫЛУУ** Абдан катуу кагып, такыр унчукпас, сүйлөгүс кылуу, жаагын жап кылуу. *Булардын кармайм деген колун кагып, сүйлөйм деген оозун аппак кылып басып кетиптир* (Абдукаимов). *Таабалды кайратына келе түшүп, мырзалардын оозун аппак кыла баштады* (Бектенов).

**ООЗУН АЧУУ** Таң калуу, эмне экенин биле албай аңырайып тура берүү. *Ошентип койсом, абышкам үрпөйүп, оозун ачып калыптыр* (Айтматов). *Таенеси да, Бекей таежеси да, кызын көтөргөн Гүлжамал да ооздорун ачып, жээкте турмак* (Айтматов). *Асмандагы жыбыраган жылдыздарга оозумду ача карап, делдиреп калыпмын* (Жусупов). *Байымбет кызык жомок тыңдагандай досуна оозун ача делдейди* (Бейшеналиев).

**ООЗУН АЧЫРБОО** *к.* **ооз ачырбоо.**

**ООЗУН АЧЫРУУ** Абдан таңдандыруу, аябай таң калтыруу, өтө таңыркатуу. *Нурийла экөөндүн тоюңда атайын ода арнап ырдап, далайдын оозун ачырам, алаканын жыртам* (Бейшеналиев). *Мал аркасы менен далайдын оозун ачырып, далайдын кулагын делдейткен* (Осмоналиев). *– Тигил үйдө Кашгары ырчы сонун ырларды комузуна кошуп ырдап боорубузду эзип, оозубузду ачырды* (Бейшеналиев).

**ООЗУН БАСУУ** Айттырбоо, сүйлөтпөө, сүйлөтпөй тыйып коюу, токтотуу. *Кокуй оозуңду баса тур, байкабай айтып жибердим, – дегендей шек берди* (Ашымбаев). *Ачуусу келе түшкөн неменин андан бетер жинине тийгиси келбей, Мырзабек оозун басты* (Абдукаимов). *Үмүткандын тышынан коргоп, астыртан болушуп, Үмүткандын артынан айтылган ушак-айың айта койгондордун оозун басып жүрөт* (Өгөбаев). **В.: Оозун жап кылуу.** *– Эми, мырза, ошент оозуңду жап кыл, айтып коеюн, ыраазы кылам...* (Касымбеков). *Акча берип оозун жап кылды.*

**ООЗУН ЖАП КЫЛУУ** *к.* **оозун басуу.**

**ООЗУН ЖЫЙЫП АЛГЫЧА** Айтып бүткүчө, сөзүнүн аягына чыккыча, айтып бүтө электе. *Ирина оозун жыйып алгыча, сырткы эшикти бирөө какты* (Жантөшев). *Оозун жыйып алгыча, Жетип алмаң барды эми* («Манас»). *Какшап айтып Манаска оозун жыйып алгыча* («Манас»). *Ал киши оозун*

*жыйып алгыча, алачык ичи жарк этти* (Жантөшев). **В.: Оозун жыйгыча.** *Оозун жыйгыча эки жеңеси колтуктаган Назгүл кирди* (Осмоналиев). *Андай-мындай дегиче Айтып оозун жыйгыча* («Эр Төштүк»). *Деп ошентип Күлчоро Айтып оозун жыйгыча* («Сейтек»). **Оозун жыя электе.** *Сагын оозун жыя электе тоо эчкини жонуна арчындатып, бараңын асынган калыбында Кулу эшиктен баш бакты* (Осмоналиев). **Оозун жыйып ала электе.** *Бул өзү бара жаткан чабаганчы, Деп Мамбет оозун жыйып ала электе, Бет алып экөөн көздөй бура тартты* (Турусбеков).

**ООЗУН ЖЫЙЫП АЛУУ** Сөзүн айтпай токтоп калуу, айтып аткан сөзүн токтото коюу. *Мамыт акенин кыйыгына тийбейин дедиби оозун жыйып алды. Ал кат бизде, – деп жибере жаздап оозун жыйып алды* (Ашымбаев). *Кундуз демин ичине жыйып, жакшы эле бир нерсе айтмакчы болот деле кайра ошого жүрөгү даап бара албай оозун жыйып алат* (Акматов).

**ООЗУН ЖЫЯ АЛБОО** Күлкүсүн тыя албоо, күлкүсүн токтотууга мүмкүн болбоо. *Апендинин тамын көргөндөй Какачты көргөн пенде оозун жыя албайт* (Жоошбаев).

**ООЗУН ЖЫЯ ЭЛЕКТЕ** Айтып бүтө электе. *Анан оозун жыя электе бутун ташка катуу уруп алды* (Жусубалиев).

**ООЗУҢ КАЙСЫ ДЕСЕ, МУРДУН КӨРСӨТҮҮ** Таптакыр эч нерсе билбөө, бир нерсеге акылы жетип, өз алдынча ой жүгүртө албоо, макоолук кылуу. *Оозуң кайсы десе, мурдун көрсөтүп тургандан кудай сактасын* (Егиналиев). *Мунуң оозуң кайсы десе, мурдун көрсөткөн неме экен, кишини жарытпайт го! – деп күлүп койду. Кимиси кайсы жумуш аткарарын билбей, оозуң кайсы десең, мурдун көрсөтөт* («Чалкан»).

**ООЗУН КАРМАНУУ** Кандайдыр бир иштин болуп кетишине же айтылып калган сөзүнө катуу өкүнүү, өкүттө, арманда калуу. *Бактысы баштан тайганда, «Аттиң» деп оозун карманат* (Осмонкул). – *Кой каралдым, ...эреже бузуп, ырк бузуп, кийин кинээ сөз угуп, өмүр бою өкүнүп, оозуңду кармамба?!* (Касымбеков). *Бүбү өзү деле жыргаган түрү жокко, оозун карманып жүргөндүр да, адам бир адашат тура* (Өгөбаев).

**ООЗУН КАРОО** Айткан сөзүн толук аткаруу, анын айткан дегени менен болуп туруу. *Бул датканын баасы, ордодогу салмагы жөнүндө кеп болгондо бүт Анжиян журту оозун караганы баарыга дайын...* (Касымбеков). *Илгертен бери элдин бардыгы биздин оозубузду карашчу эле, ынтымак кетти* (Жантөшев). *Кишилер Нүзүптүн оозун карап калышты* (Касымбеков).

**ООЗУН КОЁ БЕРҮҮ** Тизгинди коё берип катуу чаап жөнөө, атын катуу чабуу. *Каныбек менен Темир атынын оозун кое берип, кандай темингендерин байкабай калды* (Жантөшев). *Далдак атынын оозун кое берип, камчы басып качат* (Осмоналиев). *...Атынын оозун кое берип, жолду жол дебей камчы ура кыштакка дыр койду* (Жусупов).

**ООЗУН КӨПТҮРҮҮ** Курулай көтөрүлүү, мактануу, оозу менен опуруп-жапырып кыйратам, жыргатам дей берүү. – *Бул баланын дагы эшек курту мурдунан түшө элек да, ошон үчүн оозун көптүрүп сүйлөп атат,* – *деди Бейшебаев сөзгө кошулуп* (Жусубалиев). *Алгачкы ийгилигине делөөрүгөн жаш жигит оозун көптүрүп жагынуу үчүн айтып койгондур* (Бейшеналиев).

**ООЗУН КУУ ЧӨП МЕНЕН ААРЧУУ** Колунда бар болсо да дайыма «жок» дей берүү, «жоктон» башканы айтпоо. *Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайып коюп олтурсам, ооздорун куу чөп менен аарчышат* (Айтматов). *Сансыз малдуу Сараңбай «жок», «жок» деп оозун куу чөп менен аарчый берип, акыры бүт байлыгы ташка айланып калгандай, дурус чыгарманы каралап, аны жокко чыгаргандан башканы билбеген сынчынын артында кандай эмгек калат?* («Кыргызстан маданияты»). *Качан болсо, оозуңду куу чөп менен аарчып жүрөсүң* (Байтемиров). **В.: Оозун куу чөп менен сүртүү.** *Андайда бир гана сары эсеп оозун куу чөп менен сүртпөсө, Сыдыйың жылаңач баатыр эмеспи* («Кыргызстан маданияты»). **Оозун куу чүпүрөк менен аарчуу.** *Оозуңду куу чүпүрөк менен аарчыбай көрсөтүүчү сыйың болсо алып чык, келиндер жарыша сүйлөдү* («Кыргызстан маданияты»).

**ООЗУН КҮЙГҮЗҮҮ** Уят кылуу, өтө ыңгайсыз абалда калтыруу. *Куу экенсиз, оозумду күйгүзүп койдуңуз, колу-бутумду жиби жок байлап салдыңыз* (Абдукаимов).

**ООЗУН МАЙЛОО** *к.* **алкымын майлоо.**

**ООЗУН ООРУТУУ** Куру бекер сүйлөй берүү, убара болуу. *Болбогон ишке оозуңду ооруттпа.*

**ООЗУН ТАПТОО** Сүйлөй турган болуп баруу, сүйлөп жибергиси келүү. *Шарип дагы бирдеме айтуучудай оозун таптап барып, ичинен күңгүрөнүп тим болду* (Бейшеналиев). *Ачуусу келип чыңалып, оозун таптап баратканда жашыраактар түрткүлөп алып чыгып кетишти* (Абдукаимов).

**ООЗУН ТАРТПОО** *к.* **тилин тартпоо.**

**ООЗУН ТИКТӨӨ** 1. Сөзүн угуу, айткандегенине көңүл бөлүү. *Жыйын анын оозун тиктеп тирилип калды* (Касымбеков). *Кайра дым болуп, баары Ажыбай датканын оозун тиктеп калышшы* (Касымбеков). *А Шералихан башка бийлер сыяктуу эле аңкайып оозун тиктеп отурду* (Касымбеков). 2. Айткан-дегенинен чыкпоо, көзүн карап туруу. *Сары-Өзөктүн элинин баары оозун тиктеп эле жалдырап отурса дегенде эки көзү төрт...* (Айтматов). *Жана эле оозун*

*тиктеп отурган элдин эми ага кабагы кирдүү* (Касымбеков).

**ООЗУН ТӨӨ ТЕПСЕ ДЕЛЕ** «Эмне болсо да сүйлөөр сөзүн айтпайбы» деген мааниде колдонулат. *Жарыктык киши оозун төө тепсе деле айтпайбы, – деди ичинен.*

**ООЗУНА АЛБОО** 1. Кеп кылбоо, эч нерсе дебөө, эстебөө, эскерип да койбоо. *Ал ата-энесин оозуна алганга да жарабады.* 2. Такыр ичпөө, ооз тийип да койбоо. *Ал ичкиликти оозуна албайт.*

**ООЗУНА АЛЫ ЖЕТПӨӨ** Уккан-көргөнүн, алды-артын байкабай көрүнгөн жерде айта берүү. *Жөн эле айта бересиңби, найсап! Эмне оозуңа алың жетпейби?* (Саатов). *Оозуна алы жетпеген үйлөп учурбайбы!?* (Касымбеков). *Эмне үчүн ушуга окшогон оозуна алы жетпеген аялдар өздөрүн кыйын ойлошот.*

**ООЗУНА КАРАТУУ** Өзүнө көңүл бурдуруу, таңгалдыруу, башка бирөөнү көз каранды кылууга жетишүү. *Өлбөсөк экөөбүз көрөрбүз. Сен экөөбүз сыяктууларды Чолпонбай эртең эле оозуна каратат* (Жантөшев).

**ООЗУНА КАРМОО** Тапкан-ташынганын ага арнап, көзүн карап туруу. *Ата-энеси болгонун оозуна кармап, чыйпылдап тургандыктан, Төлөгөн кийим-кечектен кем-карч боло койгон жок.*

**ООЗУНА КЕЛГЕНДИ ОТТОО** Келжиреген орунсуз сөздөрдү сүйлөй берүү, ар кайсынын башын айтып тантыроо. *– Акын оозуна келгенди оттой береби* (Бейшеналиев). *Кадыр эми башкы эсепчиге жалынып, оозуна келгенди оттоп, алынын келишинче бакылдап жатты* (Бердикеев). *– Ай сен да оозуңа келгенин оттой берет экенсиң, – деп Сабитжан жалжактап калды* (Айтматов). **В.: Оозуна келгенин айтуу.** *– Жөн эле оозума келгенин айтып койдум да, – деди бужурөп* (Айтматов).

**ООЗУНА КЕП КИРБӨӨ** Эмне айтарын билбей дендароо боло түшүү, жооп таап кайтара албай оозунан кеби түшүү. *Курманжан оозуна кеп кирбей кеңгиреп, жүрөгү капилеттен торго чалынган чымчыктай алдас ура тыбырап, тула боюнан тер кетип, отуруп калды* (Касымбеков). *Мына, Маамыт баягы сүрдөгөн оозуна кеп кирбей калган малай Маамыт боюнча эмес – Ташкенден окуган, партияга алынган, кантордун бир белдүү кызматчысы* (Касымбеков).

**ООЗУНА КИРҮҮ** *к.* **эл оозуна кирүү.**

**ООЗУНА КУЛПУ САЛЫНУУ** Сүйлөбөй, эч нерсе айтпай калуу. *Башта Суусарга бирдеме деп сүйлөөчү. Эми оозуна кулпу салынды* (Байтемиров).

**ООЗУНА КУМ КУЮЛГАНДАЙ БОЛУУ** Экинчи кайтарып сөз айта албоо, ооз ача албоо, жооп кайтарып сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү болбоо. *Чачтуу думананын оозуна кум куюлгандай болду* («Ала-Тоо»). *Оозуна кум куюлгандай болуп унчукпаганына ардыгып, ызаланып... темирдей ысык бирдеке анын өзөгүн куйкалап жиберди* (Садыбакасов). **В.: Оозуна күл куюлгандай болуу.** *Оозуна күл куюлгандай болуп, үндөгөн жок* («Ала-Тоо»). **Оозуна талкан куюлгандай болуу.** *– Сиз эмне көлөкөдөй ээрчип алдыңыз! – деди кыз. Жигит оозуна талкан куюлгандай болуп үч-төрт мүнөт унчукпай калды* («Чалкан»). **Оозуна таруу куюлгандай болуу.** *Оозуна таруу куюлгандай болуп, жер тиктеп тура берди* (Жантөшев).

**ООЗУНА САЛА БЕРҮҮ** Айтканы айткандай келүү, айтканындай болуп чыгуу. *Оозума сала берген экен келиним айыгып кетти* (Медетов). *Жеңебиздин оозуна кудай сала берген тура* (Сыдыкбеков). *Көрсө-ө, атаңдан айланайын ... оозума чын эле сала берген тура* (Сыдыкбеков).

**ООЗУНА СӨЗ КИРБӨӨ** Айтар сөзүн таба албай, айтайын дегенин айта албай апкаарый же дапдаарый түшүү. *Бопуш эмне кыларын билбей, оозуна да сөз кирбей, бир дал боло түштү* (Мавлянов). *Жүрөгү бир ысып, өлгөнү тирилгендей кубанып, оозуна сөз кирбей, комузду кармалап, сыйпалап туруп калды* (Касымбеков). *Чокондун оозуна сөз кирбей аптыгып калды* (Абдыракманов). **В.: Оозуна эчтеме кирбөө.** *Эриндери титиреди, эмнегедир эки көзү Абилден өттү, Абил аны тиктебеди, оозуна эчтеме кирбей жигиттин башы каңгырады* (Касымбеков).

**ООЗУНА ЧӨП АЛБАС** *к.* **кой оозунан чөп албаган.**

**ООЗУНА ШАЙТАН ТҮКҮРГӨН** Ырчылыгы, акындыгы ашынган, мыкты ырдаган, жамакчылыгы, сөзмөрдүгү ашкан. *«Чекир кишинин оозуна шайтан түкүргөн» деген кеп ырас бейм. Сарала чекир турумтайдай эпейип кеп баштаганда ынандырып салат* (Сыдыкбеков).

**ООЗУНА ЭЧТЕМЕ КИРБӨӨ** *к.* **оозуна сөз кирбөө.**

**ООЗУНА ЭЭ БОЛО АЛБОО.** 1. Тизгинин тартып токтото албай ала качтыруу. *Акия аттардын оозуна ээ боло албай, бээни арабанын огу менен койдурду* (Сыдыкбеков). 2. Өзүн-өзү токтото албоо, оозуна эмне келсе, ошону ылгабай айта берүү. *Оозуна ээ боло албагандан кийин, андай жерге барып эмне кыласың? – деп жемелей баштады* («Ала-Тоо»).

**ООЗУНАН АЙЛАНСЫН** Бирөөнүн кандайдыр бир иши, айткан сөзү жана башка аракеттерин жактырбаганда колдонулат. *Колум бошобойт же көңүлүм келбейт деген кежирлик оозунан айлансын* (Исмаилов).

**ООЗУНАН АК ИТ КИРИП, КАРА ИТ ЧЫГУУ** Оюна, оозуна келгенди оттоп сөгүнүү, оозго алгыс ыплас сөздөрдү айтуу, тилдөө, каргоо. *Орозкулдун оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып, атасынын көзүнчө кызын*

*дөбөт жыттабас канчык, күнү бүткүчө кысыр калган эшек деп, ...сөгүп жатканын аргасыздан уккан тура* (Айтматов). *Калыйпа катындык кылып алкынып, оозунан ак ит кирип, кара ит чыккан күндө да бир кебелип койгон эмес* (Бердикеев). *Туш келген жерден апчылашып, тытышып, үзүшүп, ооздорунан ак ит кирип, кара ит чыгып дегендей болушуп, суй жыгылышканча элге арача беришпей ажаандашыптыр* (Медетов). **В.: Оозунан ак ит кирип, сары ит чыгуу.** *– Аа балдарыңа! ... – деп бакылдаган үнү менен сөгүп, оозунан ак ит кирип, сары ит чыкты* («Ала-Тоо»).

**ООЗУНАН АКААРАТ КЕП ЧЫГУУ** Бирөөнүн көңүлүн калтырган, шагын сындырган, адамдыгын тепсеген жаман сөз айтуу. *Бири бет келгенин жапырып, «андай эмес, Мындай» деп, биринин арбагын эл алдында тебелешке өрөпкүйт, оозунан акаарат кеп чыгат* (Касымбеков).

**ООЗУНАН АЛДЫРГАН БӨРҮДӨЙ БОЛУУ** Даяр турган нерсесинен ажырап, эмне кыларын билбей аңкайып калуу, эмне кыларын билбей далдырай түшүү. *Беш кишиге Адыкелер даай алышпай, оозунан алдырган бөрүдөй болуп аргасыз калышты* (Сыдыкбеков). **В.: Оозунан алдыргандай болуу.** *Оозунан алдыргандай болуп умсунуп калышты. Угарын укту го Адылбек, негедир оозунан алдыргандай болуп комулдай тутту* (Өмүрбаев). *Канча бир түшүндө оозунан алдыргандай комунган эле* (Өмүрбаев). **Оозунан жулдурган бөрүдөй болуу.** *Куралдуу сакчылар оозунан жулдурган бөрүдөй аң-таң аңырайышты* (Бейшеналиев). *...Сайган байгелерин колдон келсе бүт алсак, оозунан жулдурган бөрүдөй болор эле* (Осмоналиев). **Оозунан алдырган бөрүчө.** *Оозунан алдырган бөрүчө далдырай түшкөн долонотулуктар дароо Бекниязды эстешет ошондо* (Акматов). **Оозунан жулдургандай болуу.** *Бир заматта оозунан жулдургандай болду да калды* («Чалкан»).

**ООЗУНАН ЖАҢЫЛУУ** Сүйлөгөн сөзүнөн кармалуу, байкабай убада берип алуу. **В.: Сөзүнөн жаңылуу.**

**ООЗУНАН ЖЕЛ ЧЫГА ЭЛЕКТЕ** Айтаар замат, дароо. *Абам жеңемдин ою менен болуп, ...оозунан жел чыга электе илип кетип, анан аны аткарууга далбас урат* («Кыргызстан маданияты»).

**ООЗУНАН ЖЕЛ ЧЫКПОО** Айтылган сөздү, сырды эч кимге айтпоо, билдирбөө, ичке сактоо. *Менин оозуман башка бирөөгө жел да чыкпаган* (Жантөшев). **В.: Оозунан жел чыгарбоо.** *Жанынан үмүт кылгандар оозунан жел чыгарбасын деп, бардыгыбызды чогултуп алып кекетишти* (Жантөшев).

**ООЗУНАН КАРА СУУ КЕЛҮҮ** Абдан ачка болуп өзөгү карaруу, ачкалыктан кайышуу, өзөгү үзө тартуу. *Оозуман кара суу келип, кыйындык менен дем алып, күйүгүп кеттим* (Элебаев). *...Жарытылуу наар татпаган кургурдун өзөгү үзө тартып, оозунан кара суу келет* (Бейшеналиев).

**ООЗУНАН КЕБИ ТҮШҮҮ** *к.* **оозунан сөзү түшүү.**

**ООЗУНАН КӨК ТҮТҮН БУРКУРОО** Катуу кайгыруу, күйүнүү, муңкануу, сыздоо же аябай эңсөө, көксөө. *Элди, жерди сагынганын айтып, бир көрсөм дегидей болсо, оозунан көк түтүн буркурайт* (Аалы). **В.: Оозунан көк түтүн буратуу.** *Чоң атам Шырдак ошондогу турмушун эскергенде «олда оңбогон куу турмуш ай» – деп оозунан көк түтүн буратып арман менен айтканын али да болсо кулагыма угулгансып турат* (Жантөшев). *Ал шофер болушту эңсегендей болсо оозунан көк түтүн буркурайт* (Өмүрбаев). **Оозунан көк түтүн булоо.** *Төрөбеков болсо оозунан көк түтүн булап, эмне деп жооп кайтарарын билбей туруп калды* (Егиналиев). **Оозунан көк жалын чыгуу.** *Кайгысын айтат буркурап Оозунан көк жалын чыгат шыркырап* («Манас»). *Абылым дегидей болсо, бечара Батийнанын оозунан көк жалын чыгат* (Сыдыкбеков). **Оозунан көк түтүн чыгуу.** *Сүйгөн жарын, асыл балдарын эстегенде Иващенконун оозунан көк түтүн чыгып, тапка келген кыргыйдай алга умтулат да турат* (Баялинов). *Оозунан чыгат көк түтүн Ойдогу дарты козголуп* («Эр Табылды»).

**ООЗУНАН ОТ БҮРКҮҮ** Каардануу, заарын чачуу. *Чычаласа бирде чаар жыланга айланып, оозунан от бүркөт* (Борбиев).

**ООЗУНАН СӨЗҮ ТҮШКӨН** Эки ооз сөздүн башын курап айта албаган, өлжүрөгөн, өтө бош. *Оозунан сөзү түшкөн бир байкуш экен, болгон окуяны жөндөп да айтып бере алган жок* («Ала-Тоо»).

**ООЗУНАН СӨЗҮ ТҮШҮҮ** Айтып жаткан сөзүн аяктай албай, эмне дээрин, эмне айтарын билбей далдырап туруп калуу, апкаарый түшүү. *Бек оозунан сөзү түшүп, эмне дээрин билбей, селдейип калды* (Каимов). *Бий алдына барганда мындан бетер момпоюптымпыйып, оозубуздан сөз түшөт* (Сыдыкбеков). *Курманжан оозунан сөзү түшүп, кабагын үйрүй тиктеп калды* (Касымбеков). **В.: Оозунан кеби түшүү.** *Аларды көргөндө эле айыпкер шордуулардын сүрү качып, ооздорунан кеби түштү бейм, теңир?* (Сыдыкбеков). *Амир Музафар оозунан кеби түшүп, нестейип токтоло калды* (Касымбеков). *Таң калганынан Орозкул оозунан кеби түштү* (Айтматов). *Тиги эси чыгып, ооздорунан кеби түшүп калгандар да сыртка чыгышты* (Айтматов). **Оозунан сөзү ыргуу.** *Капитан столду муштап какыйганда, Ысактын оозунан сөзү ыргып кандай чыга качканын билбейт* (Садыбакасов).

**ООЗУНАН СӨЗҮН ЖУЛУП АЛУУ** Сүй-

лөп жаткан адамдын сөзү бүтө электе эле өз сөзүн айтып кирүү, сөзүн жыра тартуу, аны токтоого аргасыз кылуу. *Ашырбек досуна айтарда, мергенчи оозунан сөзүн жулуп алды* (Ашымбеков). *– Мен эмне элди сага окшоп тоноп-бутап жеп жатыптырмынбы? – деди Муса, Абылкасымдын оозунан сөзүн жулуп алып* (Абдукаимов).

**ООЗУНАН СҮТҮ КЕТЕ ЭЛЕК** *к.* **эне сүтү оозунан кете элек.**

**ООЗУНАН ТҮШӨ КАЛГАНДАЙ** Абдан окшош, куюп койгондой. *Анын өнөрлүү уулу Молдобасан оозунан түшө калгандай окшош* (Бейшеналиев).

**ООЗУНАН ТҮШҮРБӨӨ** Дайыма айта жүрүү, эскере жүрүү, эсинен чыгарбоо. *Эми айылдагылар ...кадырлабай жүргөн Дуңкананы ооздорунан түшүрүшпөй кеп-сөзгө алышты* (Жусупов). *Эл ичинде Кулукеңди ооздорунан түшүрүшпөйт дешет ко, ошондойбу?* (Мавлянов). *Баягы арча челекти эрке токолго алып барып берди эле, тамак куйган сайын Ашырбайды оозунан түшүрбөс болду* (Ш.Үмөталиев).

**ООЗУНАН ЧАЛЫНУУ** Сөзүнөн кармалуу, ошого байланыштуу кандайдыр бир ишти аткарууга мажбур болуу, милдеттүү болуп калуу. *Ал оозунан чалынып албадыбы.*

**ООЗУНАН ЧЫГАРБОО** Эч кимге айтпоо, эч кимге билдирбөө, жашыруу. *– Мен председателъ бойдон турсам, сени сөзсүз заводдун башчысына көтөрөм, жыргайбыз, оозуңдан чыгарба, – деген* (Ашымбаев). *...Иштин токтоп калуу себептерин өлөр өлгөнчө оозуман чыгарбайм деген тил катка кол коюп анан тарап кетүү чечими болду* (Айтматов).

**ООЗУНАН ЧЫГЫП КЕТҮҮ** Жашырын кепти, сырды айтып салуу. *Же баягы селсебет акеси жөнүндөгү сөз оозунан чыгып кеттиби деп, шек санап турабы, айтор өзүнчө кооптуу* (Медетов).

**ООЗУНАН ЧЫККАНЫН ЭКИ КЫЛБОО** *к.* **айтканын эки кылбоо.**

**ООЗУНАН ЭНЕ СҮТҮ КЕТЕ ЭЛЕК** *к.* **эне сүтү оозунан кете элек.**

**ООЗУНДА БЕШ ООЗ СӨЗҮ ЖОК** Бир-эки ооз сөздүн башын кошуп эптештирип айта албаган, сөзгө чоркок, сөз сүйлөөгө жөндөмү жок деген мааниде. *Ымтырабай бирдеме десең боло, оозуңда беш ооз сөзүң жок байкушсуң* («Чалкан»).

**ООЗУНДА СӨЗҮ БАР** Анча-мынча чечендиги бар, дурустап сүйлөй билген, кеп-кеңешин айта алган. *Анткени, атасы Бөлөбала тыш адамдардын көзүнө коңур көрүнгөнү менен оозунда сөзү бар адам болчу* (Өгөбаев).

**ООЗУНДА ЭМИ ЖОК** Айткан сөзү дайынсыз, ойду-тоону айткан. *Бечара көйрөң эле, кызыл сөздү желге чачкан оозунда эми жоктун нагыз өзү эле* (Нурпеисов).

**ООЗУНУН ЖЕЛИН АЁО** Бир ооз сөз айтканга жарабоо (көбүнчө жардам берүү, көмөктөшүү маанисинде). *Анын айтканын жок дебейт эле, оозунун желин аяды, жардам бергиси келбеди.*

**ООЗУНУН САЛУУСУ БАР** Дайыма жакшы тамак-аштын, сыйдын үстүнөн чыгуучу, жакшы тамактан жолдуу. *Пайгамбар барына азыр, оозуңардын салуусу бар балдарым турбайсыңарбы* (Бейшеналиев). *Оозунун салуусу бар экен кургурумдун* (Бейшеналиев). *Бакас дос, оозуңдун салуусу бар экен ээ* (Бейшеналиев).

**ООЗУНУН ЧЫГЫ КУРГАБОО** Тамакты дембе-дем, кайра-кайра, улам-улам иче берүү, оозун тындырбоо. *Бу сенин эмнең бар, деги оозуңдун чыгы кургабайт. Оозунун чыгы кургабай, алагүүсү тарабай жүрө берди.*

**ООЗУҢА ЖЫЛАН УЯЛАГЫР** Жагымсыз жаман сөз, суук кабар айткан кишиге карата коргоо маанисинде айтылат. *Оозуңа жылан уялагыр, сен эмне деп жатасың* («Чалкан»).

**ООЗУҢА КАН ТОЛГУР** *к.* **кара оозуңа кан толгур.**

**ООЗУҢА КАРА** Антип айта бербе, байкап сүйлө, абайла деген мааниде зекүү, кекетүү иретинде колдонулат. *Бала сен оозуңа кара! – деп четки отурган адам ага түсүн үйрүдү* («Ала-Тоо»). *Оозуңа кара, кемсинтпе!* (Осмоналиев). **В.: Оозуңа карап сүйлө!** *Оозуңузга карап сүйлөңүз, бай, – деди кайран бала жалтанбастан Мырзабекке* (Баялинов). *– Эмне дейт! Оозуңа карап сүйлө! Мен да сыйлуу конок* (Эшмамбетов). *Кой айланайын, сага эч ким теңелбейт, оозуңа карап сүйлө!* (Бердикеев).

**ООЗУҢА КАРА ТАШ** Коркунучтуу кабар, жагымсыз, начар сөз айтып жибергенде «токтот», «андай дебе», «айтканың келбесин», «андай болбосун» деп кагуу маанисинде колдонулат. *Сөзүн бүткөрө койбой катыны: «Оозуңа кара таш! Дөөрүгөнүң ылайым өз башыңа жетсин»* (Жигитов). **В.: Оозуңа таш!** *Оозуңа таш, какшанган жаагың сынгыр!* («Ала-Тоо»). *А кокус менден башка бирөөгө буйруса эмне болот эле мунара? Оозуңа таш! дейм өзүмдү өзүм* (Акматов). *– Оозуңа таш! – деп айтып, бешинчи киши... отурган жеринен тура калды* (Осмоналиев). **Таш оозуңа!** *Таш оозуңа! Эмне деп жатасың* (Сыдыкбеков).

**ООЗУҢА КЕЛГИР** Каргоо, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Оозуңа келгир! Кандай неме айтты экен – деп, күйкөлөктөп каргап жатты* («Ала-Тоо»). *О, оозуңа келгир, айтып турганын кара мунун!* («Ала-Тоо»).

**ООЗУҢА МАЙ** Кандайдыр бир жакшылык же жакшы кабар жөнүндө билгизген кишиге карата сүйүнүү, толкундануу менен алкоо маанисинде колдонулат. *Оозуңа май, айланайын, оозуңа май! Кана, окуп жиберчи! – деп Чотур сүйүнгөнүнөн эмне кылаарын билбей турду* (Абдукаимов). *– Оозуңузга май, атаке, айтканыңыз келсин, – деди жаңы*

*көздүн ээси* (Касымбеков). – *Оо, оозуңа май, айланайын! Ме! Ме! – деп, жанында эбактан бери жүргөн акчаларын сүйүнчүлөп келген балага үстү-үстүнө чача карматып...* (Медетов).

**ООЗУҢА ОК** *к.* **ок оозуңа.**

**ООЗУҢАН СЕКЕТ БОЛОЮН** Алкоо, ыраазылыгын билдирүү маанисинде колдонулуучу алкыш. – *Оозуңан секет болоюн, ушул кепти жеткирген оозуңан!* (Медетов).

**ООЗУНДА БАРДЫР** Кимдир бирөөнүн айткан кебине карата сенин айтканыңдай болуп калаар, айтканың туура чыгып калаар деп үмүт кылуу, ыраазы болуу маанисинде колдонулат. – *Балким, агаң келип калар, оозуңда бардыр, айланайын* («Ала-Тоо»). – *Оозунда бардыр, адамдын оозунда болсо, алланын кулагында дейт* (Ашымбаев).

**ООЗУҢДАН АЙЛАНАЙЫН** Алкоо, жалынуу маанисин туюндурат. *Оозуңдан айланайын! Атаганат, жериң болсо, ушинтип жокчулуктун корун тартат белек* (Саатов).

**ООЗУҢДАН АЙЛАНСЫН** Айтууга татыксыз, аны айтып оозуңду булгаба, кеп кылба, убара болбо деген мааниде бирөөнүн көңүлүн жубатуу, жоошутуу иретинде колдонулат. *Эми кылмышты моюнга алуу оозуңдан айлансын!* (Осмоналиев).

**ООЗУҢДУ БИРӨӨ ТЫРМАДЫБЫ?** Сени айткын деп бирөө кыйнадыбы, айткан сөзүңдүн азабын өзүң тарт деген мааниде айтылат. *Сенин оозуңду бирөө тырмадыбы, эми анын эмнесине кейийсиң?* («Ала-Тоо»). *Төлөмүштүн оозун бирөө тырмадыбы? Шук отур* (Бейшеналиев).

**ООКАС** **ноокас** менен бирдей.

**ООКАТ** 1. Тиричилик; чарбачылык. *Эми өзүңчө оокат кыл* (Токомбаев). *Журт оокатына кам урду* (Баялинов). *Көр пенделер көр оокат деп түртүшүп, Чачырашты жылдыздардай үркүшүп* (Акималиев). 2. *диал.* Тамак, тамак-аш. *Эптеп оокат жасап жиберейин* (Жантөшев). *Азыр кийинем да, кийигиңин этин балаң экөөңө оокат кыламын* (Шүкүрбеков). *Той токтоп, жалпы журтка оокат берди, Жасалып казы-карта эт да келди* («Эл адабияты»). *Кара оокатка жандарын Кыйнагандар, аманбы*? (Токтогул).

**ООКАТТАН** 1. Жакшы жашай баштоо, тиричилигин оңоо, оокаттуу болуп калуу, оокаты оңолуп калуу. *Кемпир менен бала итабар оокаттанып калышты* (Бөкөнбаев). 2. Тамактануу. *Эс алгыла! Оокаттанып болуп, кайра киребиз* (Байтемиров).

**ООКАТТАН КОЛУН ТАРТУУ** Оокат-тиричилик көйгөйүнө аралашпай, такыр киришпей калуу (көбүнчө кары кишиге карата). *Абышка эбак эле оокаттан колун тарткан.*

**ООКАТТАНТ** **оокаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООКАТТАНУУ** **оокаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ООКАТТУУ** Турмушу жакшы, жетиштүү, оокат-тиричилиги кенен. *Оокаттуу болуп элдери, Жыргатты совет жергени* (Тоголок Молдо).

**ООКАТЫ ӨТПӨӨ** Жашоо-тиричилиги начарлоо, жакырлануу, өтө оор абалга келүү. *Анын оокаты өтпөй жатат.* **В.: Күнү өтпөө.** *Күнү өтпөйт, байкуштун бизсиз.*

**ООКУМ бир оокум** Бир мезгил, учур. *Бир оокумда Жумагулдун атасы аттан түшүп. бээни жетелеп алды* (Шимеев). *Үркөр төбөдөн кыңкайып, түн бир оокум болуп калган* («Чалкан»).

**ООЛА** Бир жакка ооп кетүү. *Бул тоодон тиги тоого оолап кетти.*

**ООЛАК** Алысыраак, окчун. *Анысы да боюн оолак качырып, жолотпой калыптыр* (Убукеев). *[Актан] бири-биринен оолак салынган үч көчө кыштакты айланып чыкты* (Бейшеналиев).

**ООЛАКТА** Алыстоо, ыраактоо, окчундап бөлүнүү. *Мыскал оолактап кетти* (Сыдыкбеков). *Жакып бастырмадан оолактап, ачыкка чыкты* (Бейшеналиев).

**ООЛАКТАТ** **оолакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООЛАКТОО** **оолакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ООЛАТ I** **оола** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООЛАТ II** Тукум, уруу, урук – жуурат. *Оолаты кыргыз, улуу журт* («Манас» С.О.).

**ООЛАШ** **оола** этишинин кош мамилеси.

**ООЛЖУ** Ыргала теңселүү, келберсигендей, менменсип жай кериле ыргалгандай көрүнүштө болуу. *Жутаке оолжуй барып жастыкка чыканагын койду* (Жантөшев). *Кыялбубү кесирдүү сөздөрүн айта оолжуду* (Жантөшев).

**ООЛЖУТ** **оолжу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООЛЖУУ** **оолжу** этишинин кыймыл атоочу.

**ООЛУ** Үй, короо-жай. *Беш теше жерди айландыра там салдырган оолусу, оолусунда түрдүү багы да бар* (Жантөшев). *Ат чабым жерде оолуң бар, Оолу толгон коонуң бар* (Токтогул).

**ООЛУГУУ** **оолук** этишинин кыймыл атоочу.

**ООЛУК** Жээлигүү, ээленүү, ээлигүү. *Чүкөбай өзүнчө оолуга-оолуга басылар деп, эсепчи кетмекчи болду* (Баялинов). *Кулбаш өзүн-өзү токтото албай оолугат* (Абдукаримов). *Ошол жигит оолугуптур деп коём, Ошол жигит жаңылганга капамын* (А. Рыскулов).

**ООЛУКМА** Жээликме, ээленме, ээликме. *Оолукма кылат өзүңдү, Опсуз кылат сөзүңдү* (Шүкүрбеков). *Момбегим жаңы оңолуп, Оолукма кыял жоголуп* (Бөкөнбаев).

**ООЛУКМАЛУУ** Каны кызуулуу, ачуусу чукул, күйкөлөктөнмө. *Оолукмалуу балага ээликмелүү жин тиет* (макал).

**ООЛУКТУР** **оолук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООМА** 1. Бир жагына басымдуу болгон, кыйшайган, ооп, кыйшайып кете тургандай. *Жүгү бери жагына оома болуп калды.* 2. *өт.* Сөзүнө турбаган, туругу жок, ээрчиме. *Атам ашкан оома* (Жантөшев). *Айнысахан акылга тайкы, кыялы чукул, оома* (Жантөшев).

**ООМАЛ-ТӨКМӨЛ ДҮНҮЙӨ** Бирде бар, бирде жок, өйдө-төмөн, жаман-жакшы боло бере турган жашоо, абал, турмуш-тиричилик. *Карылар меселдегендей опасыз оомал-төкмөл дүнүйө чиркиниң ушубу?* (Бейшеналиев). *Карачы оомал-төкмөл дүнүйө, ушу туңкуйган катындан эгин суратып* (Садыбакасов). **В.: Оомалуу-төкмөлүү дүйнө.** *Кантсе да бу ошонун кесепети, оомалуу-төкмөлүү дүйнө болду го* (Абакиров). **Оомалуу дүйнө.** *Адыл ордунан козголуп, тике карап: оомалуу дүйнө экен, – деди* (Бердикеев).

**ООМАЛУУ** Өзгөрүп кетме, өйдө-ылдый, бирде өйдө, бирде ылдый боло бере турган. *Оомалуу кезек, төкмөлүү дүнүйө* (макал). *Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө.*

**ООМАТ I** Байлык, бакыт, бийлик. *Он бир шары бар экен, Ооматына караган* («Манас» С.О.). *Оолак жүрүп, оомат, абийир тапсам да, 50 жашта жалгыз калган жакшы эмес* (Акималиев).

**ООМАТ II** Ыңгайлуу, онтойлуу жакшы убак, иши илгери кеткен, иши оңолгон мезгил. *Эгин быйыл мыкты чыкты. Быйыл шалынын да ооматы келген экен* (Абдукаримов). *Ooматы келсе байлыгын, Коркконсуп элден жашырат* («Эл адабияты»).

**ООМАЧЫЛ** Ооп кетүүчү, ээрчиме, туруксуз.

**ООМИЙИН** **омийин** менен бирдей. *Оомийин! Деп кол жайып, Кошой бата бергени* («Манас»).

**ООНА I** Жейрендин эркеги. *Жейрен-каракуйруктун оонасын атып келгиле* (Абакиров).

**ООНА II** Ала салуу, бир капталынан экинчи капталына аркасы аркылуу ала салып кетүү. *Аттар оонабасын деп, Алымдын жолдошу аттардын жанына кетти* (Баялинов). *Кычан эки досу менен баарысынан бөлүнүп көк шиберге оонап, мектебинин жанында калды* (Бейшеналиев).

**ООНАЛАК** Оонап жата берме, жатканды жакшы көргөн.

**ООНАЛАКТА** Ары-бери оодарылуу, оонап жатуу; чабалактоо. *Түлкү ооналактап, мурунку өнөрүн кайрадан салды* (Баялинов). *Акбар жатыркап, уктай албай ооналактады* (Убукеев). *Ошол төрдө ооналактап жатамын, Былтыр күлүп, укпагамын чатагын* (А. Рыскулов).

**ООНАЛАКТАТ** **ооналакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООНАЛАКТОО** **ооналакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ООНАТ** **оона** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООҢКУРА** 1. Бир жагына ооп калуу, басымдык кылуу. *Жүк ооңкурап калыптыр.* 2. *өт.* Шайманы кетүү, алсыроо. *Эси ооңкурап калган.*

**ООҢКУРОО** **ооңкура** этишинин кыймыл атоочу.

**ООПА** *к.* **опаа.**

**ООПАЗ** **ноопаз** менен бирдей.

**ООР** 1. Салмагы чоң, салмактуу. *Төөдөй балбан эч бир болбойт малдардан, Оор жүктү тарта берген чарчабай* (Осмонкул). 2. Кыйын, өтө татаал. *Согуштун оор күндөрүнүн бири эле* (Сасыкбаев). *Туут кампа-ниясы кой чарбасындагы оор иш.* 3. Калың, терең. *Кар оор. Күн суук* (Бөкөнбаев). *Жакында оор түшкөн кар бүгүн нымшыгандай болуп, четинен эрий баштаптыр* (Таштемиров). 4. Катуу, күч менен. *Тыным албай тышты тиктейм айнектен, Оор туман басып турат калааны* (Шакирова). *Бечара эне көзүн сүртүндү да, оор үшкүрдү* (Касымбеков).

**ООР БАСЫРЫК** Токтоо, көтөрүмдүү, эч кебелбеген, салмактуу. *Ойлоп сүйлөп, орундуу жооп кайтарган оор басырык, тыкан, кайраттуу жигит болучу* (Баялинов). *А келин ыймандуу, оор басырык кара жумушка кабелтең неме экен* (Бейшеналиев). *Тойчубек ойчул, оор басырык киши эмеспи* (Баялинов). **В.: Оор басырыктуу.** *– Узатып койгула, – деди кыркка чукулдаган оор басырыктуусу* (Ашымбаев). *Жамалкан токтолуп, оор басырыктуу болуп калган эле* (Абдукаимов).

**ООР ЖОГОТУУ** Өтө жакын, абдан белдүү адамынан ажыроо. *Жапардан ажырап, ушинтип, орду толгус оор жоготууга учурадык, – деп каңырыгы түтөдү* (Жантөшев).

**ООР КҮН** Дин ишеними боюнча: иш иштесе, же жол жүрсө жолу болбойт, иши аткарылбай турган күн, жума күн. *Оор күнү жолго чыкпай, башка күнү баргын.*

**ООР МҮНӨЗ** Салабаттуу, салмактуу, оор басырыктуу мүнөз. *Же, ушундай оор мүнөзү үчүн жигит жүрөгүнө жол таап, өзүнө тарта албагандыр* («Кыргызстан маданияты»).

**ООР ӨНӨР ЖАЙЫ** *жана* **оор индустрия** Өндүрүш каражаттарын иштеп чыгаруучу өнөр жай тармактарынын жыйындысы.

**ООР ТИЙҮҮ** Катуу таасир этүү, катуу таасир берүү.

**ООР ТОПОНДОО** Кандайдыр бир иштин, түйшүктүүсүнүн көбүн бүтүрүп, аткарууга оңтойлотуп, жеңилдетип коюу. *Азаматтар, оор топондоп койгон турбайсыңарбы!*

**ООР ТҮН** Караңгы, тунжураган, көзгө сайса көрүнгүс түн. *Оор түн... асман бүркөө, саат беште, Мемиреп эл уйкуда жаткан кезде* (Шүкүрбеков). *Оор түндүн тынчын алып зырылдап, Аркы-терки автомобиль чабылган* (Бөкөнбаев).

**ООРДО** 1. Оор болуу, салмактуу боло баш-

тоо. 2. Кыйындоо, кыйын абалда болуу; кыйын көрүү, оор сезүү. *Тулпар жүгүн оордобойт* (макал). *Абалы оордобосо, жеңилдебейт* («Ала-Тоо»).

**ООРДОО оордо** этишинин кыймыл атоочу.

**ООРДОТ оордо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООРДУК** 1. Салмак, жүктүн же башка бир нерсенин салмагы. *Оордугу беш пуд. Оор жүктүн оордугуна кенебей, Чымырканат намыстанган немедей* (Осмонов). 2. Кыйындык, кыйынчылык. *[Динарга] оордук сезилбейт* (Сыдыкбеков).

**ООРСОК** 1. Эмизбей туруп саалуучу. *Обу жок катын оорсок уй саайт* (макал). *Сүттү койчулар чаначка оорсок саап коёр эле* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Маанисиз, дайны жок, куру. *Оорсок сөздү биз сүйлөшүп бүткөнчө, Жыйнап бүттү, айланайын, баарысын* (Токомбаев). *Оорсок намыстын экөөбүзгө эмне кереги бар. Оорсок сөзүңдү койсоңузчу!*

**ООРСУ оорсун** менен бирдей.

**ООРСУН** 1. Оор болгонсуу, оордоо. 2. Оор көрүү, кодулоо.

**ООРСУНТ оорсун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООРСУНУУ оорсун** этишинин кыймыл атоочу.

**ООРУ I** 1. Дарт, кесел, табы жоктук. *Батмандап кирген оору мыскалдап чыгат* (макал). *Каныбек оорусунан абдан айыга элек* (Жантөшев). 2. Сыркоо, ноокас, оорулуу. *Ооруну сураса айыкканга тете* (макал).

**ООРУ II** 1. Ооруксунуу, сыздоо, чыдатпоо. *Бүткөн боюмдун бардыгы кол тийгизбей.. ооруп калыптыр* (Жантөшев). *Катуу муштаса керек, дал ортом ооруп калыптыр.* 2. Дартка, кеселге кабылуу, ноо- кастоо, сыркоолоо. *Узак ооруду. Сасык тумоо менен ооруду.*

**ООРУЗ нооруз** менен бирдей.

**ООРУК** 1. Калктын туруктуу жашаган негизги жери, туруктуу жашаган жай. *Оорукка калар жер экен* («Манас» С.К.). 2. Жортуулда жүргөн, согушка аттанган колдун негизги бөлүгү жайгашкан жай. *Чалгынды калмак чалабы? Оорукта Чубак калабы?* («Манас»). 3. Тыныгуу жайы. *Чоң үйдүн бары калыптыр Анжиянга оорукка* («Манас» С.О.). 4. *тар.* Жалпы көч менен чогуу кете албай жакыныраак жайытка калып калган айыл.

**ООРУКАНА** Оорулар жатуучу жана аларды дарылоочу мекеме. *Ооруканага жаткыруу. Ооруканадан чыгуу.*

**ООРУКСУ** Бир жери ооруу. *Айганыш этинин ооруксунганына чыдап, сыр билгизбей калды* (Сыдыкбеков).

**ООРУКСУН ооруксу** этишинин өздүк мамилеси.

**ООРУКСУУ ооруксу** этишинин кыймыл атоочу.

**ООРУКЧАЛ** Оорулуу, оорусунан биротоло сакайып кетпеген, тез-тез ооруй бере турган, ден соолугу начар.

**ООРУКЧАН оорукчал** менен бирдей.

**ООРУЛУУ** Оору, кандайдыр бир оорусу бар, ноокас, сыркоо.

**ООРУН КОЛДОН, ЖЕҢИЛИН ЖЕРДЕН АЛУУ** Бардык жагынан жардам берип, көмөк көрсөтүү, түйшүгүн жеңилдетүү. *Сен аскерде жүргөндө оорумду колдон, жеңилимди жерден алышкан ушул Күкүн болду* (Тойбаев). *Атасынын оорун колдон, жеңилин жерден алат* (Бердикеев). **В.: Оорун колдон алуу.** *Мейли ушунумду бергенине шүгүр, Оорумду колдон алып, жүгүмдү жеңилдетти* (Бейшеналиев). *Оорун колунан алып, минтип айттырбай жүгүн жеңилдеткен инисине жүрөгү жылыйт* (Бейшеналиев).

**ООРУТ ооpу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООРУУ ооpу** этишинин кыймыл атоочу.

**ООРЧУЛУК** Кыйынчылык. *Түгөл башына оорчулук түшкөндө куткарып калганы үчүн [Тамарага] алкыш айтты* (Бейшеналиев).

**ООШ** Биринен бирине өтүү, алмашылуу. *Акыл оошот, ырыс жугушат* (макал).

**ООШ-КЫЙЫШ** Өз ара эки тараптан болгон мамиле, алыш-бериш, өйдө-ылдый. *Оош-кыйыш кылып оокат кыл.*

**ООШМО** Туруктуу эмес, алмашып турма, оошуп турган.

**ООШТУР оош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ООШУУ оош** этишинин кыймыл атоочу.

**ОП I** Жөн, жөндүү, орундуу мамиле, аша чаппаган, дайындуу аракет. *Обу менен иш кылбайбы. Обу жок киши. Обу жок сүйлөбө.*

**ОП II: оп тартуу** Ичине карай катуу дем тартуу. *Оп тартканда деми бар, Улуу белдин желиндей* («Манас»). *Ушунун баарын жалгыз ок өзүнө оп тартып, кемирип, кесип жеп жаткансыды* (Мавлянов). *Ачуулanып оп тартса, Ай-ааламды соруптур* (фольк.).

**ОП III: оп майда** 1. Темин басуу учурунда малга карата айтылуучу сөз. 2. Темин бастырганда айтылуучу ыр, темин ыры. *Орой-орой, оп майда, Ороо толсун, оп майда, Кырча-кырча басканың Кырман толсун, оп майда.*

**ОП IV** Көбүнчө бир нерсени көтөрө коёрдо колдонулат.

**ОП V** Бирөөнү кубаттоо, коштоодо колдонулат. *Оп баракелде, азамат турбайсыңбы!*

**ОПА опаа** менен бирдей.

**ОПАА** Туруктуулук; убадага бектик. *Опаасы жок дүйнө. Убадага опаасы жок.*

**ОПААЛАШ** Туздаш, даамдаш, пикирлеш, кадыры бири-бирине сиңген адамдар.

**ОПААСЫЗ** Бир калыпта турбаган, туруктуу эмес өзгөргүч, убадага бек эмес. *Опаасыз дүйнө. Опаасыз душман.*

**ОПАТ** Өлүм, өлүү, өмүрдүн бүтүшү. *Жолуң болбойт, көп колуң жолдо опат болот, акыры өзүңдүн кара башыңа күч келет* (Касымбеков). *Э, ордоң менен опат бол, кызы талак! Ордо деп жүрүп не таптың?* (Касымбеков).

**ОПБАЛАА оп IV** менен бирдей.

**ОПЕЙ апей** менен бирдей.

**ОПЕРА** Театрдын сахнасында оркестрге кошулуп ырдап аткарылуучу музыкалуу драмалык чыгарма жана ушул сыяктуу чыгармаларды көрсөтүүчү театр.

**ОПЕРАЛЫК** Операга таандык. *Опералык актер.*

**ОПЕРАТИВДҮҮ** Тез, так аракеттүү, ылдам, таасирлүү аракетчил. *Анан баарыдан мурда, ар бир ишке бүйрө, оперативдүү болуш керек* (Жантөшев).

**ОПЕРАТИВДҮҮЛҮК** Тез, так, өз учурунда аракет кылуучулук, ушундай аракет кылууга, аткарууга жөндөмдүүлүк. *Иштеги оперативдүүлүк. Жетекчинин оперативдүүлүгү.*

**ОПЕРАТОР** 1. Татаал механизмдин ишин башкаруучу же белгилүү бир өндүрүштүк процесстин аткарылышына жооп берүүчү жогорку квалификациялуу жумушчу. 2. Картинасын тартуу ишин жүргүзгөн фильмди түзүүчүлөрдүн бири. *Сыягы, оператор жасалма эпизоддорду издебей, турмуштагы драматизмге жык толгон айрым учурларды өз убагында.. пленкага түшүргөн.*

**ОПЕРАЦИЯ** 1. Кандайдыр бир милдетти аткарууга багытталган аракет, максаты коюлуп, шарты аныкталган аракетти ишке ашыруунун ыкмасы. 2. Оорулууну айыктыруу үчүн жасалуучу хирургиялык ыкма.

**ОПЕРЕТТА** Музыкалык комедия аралашкан операнын түрү.

**ОПКОК** 1. Соргок, тамаксоо, оңой менен тамакка тойбогон. *Мергендин көзү милтеде, Опкоктун көзү күлчөдө* (Токтогул). 2. Аш болуму аз, кубаттуулугу төмөн. *Жарма опкок келет.*

**ОПКОКСУН** Тойбогонсуп жутунуу, тамакка ач көздүк кылуу.

**ОПКОЛЖУ** Жүрөксүнүү, коркуу пайда болуу. *Аскага чыгуу оңой эмес, жүрөк опколжуп, муун калтырайт* (Абдумомунов).

**ОПКОЛЖУТ опколжу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОПКОЛЖУУ** Жүрөксүнүү, коркуу пайда болуу.

**ОПКОЛЖУУ опколжу** этишинин кыймыл атоочу.

**ОПКОН** Эгинди сугарганда суу астына сиңип, чөгүп кеткен жер.

**ОПО** Жакшылык, пайда. *Адал эмгек, ак ниет, Э, балам, опо берет адамга* (Сыдыкбеков).

**ОПОЙ** Дүмпүйгөнсүп ыксыз көрүнүү; калың болуу. *Эки эркектин ортосунда опоюп кысыла келе жатат* (Сыдыкбеков). *Түндө кымкарлап жааган кар опоюп калың түшүп калган экен* (Убукеев).

**ОПОЙТ опой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОПОКШОШ** Абдан окшош, куюп койгондой окшош.

**ОПОЛ ТООДОЙ** Абдан зор, өтө чоң. *Опол тоодой эр көк жал, зыңгырады кенебей* («Сейтек»). *Баягыда бир жолу опол тоодой болгон бир жигит алып: Менин күнүм эмне болот» деп шолоктоп ыйлаган* (Егиналиев). ...*Өткөндөгү кармашта капилеттен ажыраган опол тоодой жөлөгү, айбаттуу агасы Шеримбекти эскерткендей кабылдады* (Бейшеналиев).

**ОПОҢ: опоң ун** Тегирменге тартылган майда ун. *Текесте жашаган кыргыздар Кулжадан барып опоң ун алып келе турган.*

**ОПОҢ-ЧЫЧАҢ** Балдар оюну.

**ОПОҢОЙ** Өтө оңой, абдан оңой.

**ОПОСУЗ ДҮЙНӨ** *дин.* Түбөлүктүү эмес, убактылуу, күнүмдүк деген мааниде. *Жанына күч келгенде алтынын агып кетип жатса да карабайт окшойсуң. Опосуз жалган дүйнө экенин ошондо бир билдим* (Бердикеев).

**ОПОТ БОЛУУ** *к.* **опат.** *Кашык калды каныбыз, Опот болду элибиз* («Сейтек»).

**ОППОЗИЦИЯ** *саяс.* 1. Каршы чыгуучулук, каршы болуучулук; өз көз карашын, өз саясатын башка көз карашка же башка саясатка каршы коюучулук. 2. Кандайдыр бир партиянын, коомдун ж. б. ичинде анын көпчүлүгүнө каршы чыгуу саясатын жүргүзгөн топ.

**ОППОНЕНТ** 1. Талаш-тартышта, дискуссияда, диспутта айтылган пикирге каршы чыгып сүйлөгөн адам. 2. Белгилүү бир илимий изилдөөгө талдоо жүргүзүп, баалоочу илимпоз адам.

**ОППОРТУНИЗМ** Марксизм-ленинизмге кас агым.

**ОППОРТУНИСТ** Оппортунизмди жактоочу; оппортунизм саясатын жүргүзүүчү.

**ОППОРТУНИСТТИК** Оппортунизмге, оппортунистке таандык.

**ОПСОЛОҢ** 1. Акылга салбаган, акыл менен иштебеген, ойлобостон кылган, орду жок, обу жок, көйрөң адам. *Опсолоң барып өлдү.* 2. *өт.* Өтө, эң. *Отуз жерден жара жеп, опсолоң жаман болуптур* (фольк).

**ОПСОЛОҢДУК** Олдоксондук, обу жоктук.

**ОПСУЗ** 1. Обу жок, чектен ашкан, дайны жок, жөнү жок, ыгы жок. *Опсуз баатыр жоого түшөт* (макал). *Опсуз эркелик. Опсуз кылык.* 2. Аябай, өтө эле, эң эле, абдан, болжолсуз. *Сарай кең, опсуз узун* (Сыдыкбеков). *Опсуз балбан Ороккыр, Ал чыгарды миң мерген* («Манас»).

**ОПТИКА** 1. Жарык, анын касиеттери жана мыйзамдары жөнүндөгү физиканын бөлүгү. 2. Жарыктын сынышы жана чагылышына негизделген жабдыктар жана аспаптар.

**ОПТИКАЛЫК** Оптикага таандык.

**ОПТИМАЛДУУ** Эң ылайыктуусу, мүмкүн болгондон да эң чоңу же эң жакшысы.

**ОПТИМЕТР** Нерселердин сызыктуу өлчөмүн абсолюттук же салыштырмалуу метод менен өлчөөчү оптика-механикалык прибор.

**ОПТИМИЗМ** Аң-сезимдүү жана адилеттүү болочокко ишеничке толгон турмушту кубанычтуу кабыл алуу. *Сюита угуучунун көңүлүн көтөрүп, оптимизм менен аяктайт.*

**ОПТИМИСТ** Оптимизмге берилген, ошол көз караште болгон киши.

**ОПТОН** Оюндагысын жасоо; экиленүү, чектен ашуу. *Оптонбой шүк жүрсөңчү.*

**ОПТОНУУ оптоп** этишинин кыймыл атоочу.

**ОПТУУ** Орундуу, жөндүү; ыктуу.

**ОПУЗ I** *сүйл.* Конфискациялоо же башка максаттарда үй мүлкүн каттаган тизме; конфискация. *Мал-мүлкүн опуз кылып каттап кетти.*

**ОПУЗ II** *сүйл.* Бир нерсени издөө максатында тинтүү.

**ОПУЗ III опуза** менен бирдей.

**ОПУЗА** Коркутуу, чочутуу, сезин алуу максатындагы аракет.

**ОПУЗАЛА** Опуза кылуу, калп эле коркутуу, опузага алуу. *Канайды атасы урчу да эмес, бирок кээде тентектигин жоюу үчүн опузалап койчу* (Таштемиров).

**ОПУЗАЛАШ опузала** этишинин кош мамилеси.

**ОПУЗАЛОО опузала** этишинин кыймыл атоочу.

**ОПУЗДА** *сүйл.* Опуз кылуу, опуз жүргүзүү; конфискациялоо. *Акты жазып опуздап* (Осмонкул). *Мал-мүлкүн опуздады.*

**ОПУЛДА** Ач көздүк кылуу, жутунуу.

**ОПУЛДОО опулда** этишинин кыймыл атоочу .

**ОПУР** 1. Упурата чоң омуруу, келки-келки кылып урата бузуу, томкоро бөлүү. *Дубалды бир чекесинен опуруп киришти.* 2. Опурандап опузалоо; калпты-чынды койгулатып көөдөктөнүү. *Опуруп-жапырып сүйлөө.*

**ОПУР-ТОПУР** Баскан-тургандар көп тополоң, бири кирип, бири чыккан баш аламандык. *[Поезд келгенде] жүргүнчүлөр опур-топур боло түштү* (Сасыкбаев). *Жапыз тамдын эшигинен опур-топур көбөйдү* (Сасыкбаев).

**ОПУРАНДА** Опурулуу, опузалоо. *Жооп сурасам опураңдап тилдейсиң, Оройлонуп оолугасың жиндейсиң* (Калык).

**ОПУРАНДАТ опуранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОПУРАНДОО опуранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОПУРМА** Мылтыктын түрү.

**ОПУРТАЛДУУ** 1. Коркунучтуу, окус болуп кетүү коркунучу бар. *Малды ашуудан ашырып алып келүү жоопту да, анын үстүнө опурталдуу да иш* (Убукеев). 2. Абдан ишенимдүү эмес, булт берме, кексе. *Опурталдуу киши.*

**ОПУРТМАЛУУ опурталдуу** менен бирдей.

**ОПУРУК** *диал.* Жар.

**ОПУРУЛ** Опурандоо, опузалап көөдөктөнө атырылуу, оозун көптүрө сүйлөө. *Опурулуп сүйлөгөн киши. Оо, оркогой мурун, чуңкул көз, Опурулса сөзү көп* (Калмырза).

**ОПУРУЛУУ опурул** этишинин кыймыл атоочу.

**ОПУС** Каттоо.

**ОР I** 1. Зындан. *Кырк аркан салса бойлогус, Кыйын чуңкур орум бар* («Эр Төштүк»). 2. Казылган чуңкур; ороо. *Түшүп калдың – Казылган орго* (Тоголок Молдо). *Түшүрүп сени ийүүгө, Ор камдады деп укмуш, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Кумар ойноп кулбөсөм, Орго түшүп бүгүлсөм* (Калмырза).

**ОР II** Чөптү, куурайды, эгинди ж. б. орок менен түбүнөн кыркып алуу, машина менен чаап алуу. *Баштагыдай буудайды, Кол орок менен орбойбуз* (Осмонкул). *Үч сугарып, үч оргон, Беде сонун турбайбы* (Барпы). *Аңызга бир баш калтырбай, Оргонун айтсак болбойбу?* (Токтогул).

**ОР КАЗУУ** Бирөөгө жамандык кылуу, жамандык издөө, карасанатайлык кылуу. *Бирөөгө ор казсаң тайыз каз, өзүң түшүп калбагын* (макал).

**ОРАКУЛ** Байыркы гректер, римдиктер жана чыгыш элдериндеги көзү ачык кайыптан кабар берүүчү.

**ОРАНГУТАНГ** Киши келбеттүү чоң маймыл.

**ОРАНЖЕРИЯ** Жылдын бардык мезгилдеринде өсүмдүктөрдү өстүрүүгө ылайыкталган, үстү жана керегелери айнектелген, кышында жылытылуучу бул жердин шартында ачык жерде өстүрүүгө болбогон, жылуу аймактын өсүмдүктөрү өстүрүлүүчү имарат, жай.

**ОРАОНДОР** Өздөрүн корук деп да аташкан, Индиянын Орисса штатында жашаган, индуизм динин кармаган, кесиптери дыйканчылык, корук тилинде сүйлөгөн эл.

**ОРАТОР** Көпчүлүктүн астында чыгып сүйлөгөн сөзгө уста киши.

**ОРАТОРДУК оратор** дегенге таандык.

**ОРАТОРИЯ** *муз.* Хор, оркестр үчүн жазылган көлөмдүү музыкалык чыгарма.

**ОРБИТА** Асман телосунун айлануу жолу. *Марстын орбитасы. Жер шарынын орбитасы.*

**ОРБИТАЛЫК Орбитага** таандык.

**ОРГАН I** 1. Белгилүү бир функцияны аткаруучу жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн организминин бир бөлүгү. *Сезүү органдары. Угуу органы.* 2. *өт.* Курал, каражат. *Басма сөз – массаны тарбиялоонун кубаттуу органы.* 3. Белгилүү бир ишти аткаруучу мекеме же уюм. *Саламаттык сактоо органдары. Каржы органдары.* 4. Кандайдыр бир партияга, бирикмеге, мекемеге таандык болуп, анын көз караштарын жана иштерин көрсөтүп туруучу журнал, газета ж.б. *«Эркин*

*тоо» газетасы Жогорку Кеңештин органы.*

**ОРГАН II** Үйлөмө клавиштүү музыкалык чоң аспап.

**ОРГАНИЗМ** Адам жана жан-жаныбарлардын денеси. *Жөнөкөй организм. Жаныбарлар организми. Өсүмдүктөр организми.*

**ОРГАНИКАЛЫК** Өсүмдүк же айбандар дүйнөсүндө жатуучу (органикалык заттар – курамына көмүртек катышкан кошундулар). 2. Организмге таандык.

**ОРГАНОИДДЕР** Клетканын туруктуу структуралык элементтери, клетканын органдары.

**ОРГИЯ** 1. Байыркы гректерде – Вакх-Дионис деген кудайга табынуу. Бул табынуу ичкилик, бузукучулук менен өткөрүлгөн. 2. *өт.* Өтө ичкилик, бузукучулук менен өткөрүлүүчү чогулуш, конок кылуу.

**ОРГОК** *диал.* Орок.

**ОРГУ** 1. Атылып чыгуу; оргуштоо (мис., суу, булак ж.б.). *Суусуз какырлардан булак оргуп, топуракка гана эмес таш үстүнө гүлдөр өстү* (Жантөшев). *Ар жеринде оргуп агат ысык суу* (Осмонкул). *Оргусам да кайнап турган жериңден, 30 жашта жалгыз калган жакшы эмес* (Акималиев). 2. Уюлгуу, уюлгуп көтөрүлүү. *Түгөнгөн тоонун урчукта, Дүмүрөйгөн тумшукта, Оргуп туман бөлүнөт* («Манас»). *Тетиги түздө оргуган – Трактордун түтүнү!* (Турусбеков).

**ОРГУ-БАРГЫ** Аламанырaак, өйдө-ылдый, ороюраак. *Оргу-баргы көрүнөт, Ойлонуп көрсөң мүнөзүң* (Осмонкул). *Оргу-баргы сүйлөбөйт, Орундуу болот азамат* (Токтогул).

**ОРГУТ оргу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРГУУ оргу** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРГУШТА** 1. Атылып, оргуп чыгуу, атырыла оргуу. *Алдастап мөңкүп оргуштап, Сай жайпап суулар киргенде* (Бөкөнбаев). 2. Уюлгуп, катуу көтөрүлүү (мис., түтүн, чаң ж. б.). *Эми да бар эртели-кеч карасаң, Ошондогу оргуштаган түтүнүм* (Калык).

**ОРГУШТАН оргушта** этишинин өздүк мамилеси.

**ОРГУШТАТ оргушта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРГУШТОО оргушта** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРДЕН I** Сиңирген эмгеги жана согушта көрсөткөн баатырдыгы үчүн берилүүчү өзгөчөлүк белгиси. *Манас ордени. «Ардак белгиси» ордени.*

**ОРДЕН II** 1. *тар.* Орто кылымдарда Батыш Европадагы монахтар же рыцарлардын белгилүү уставы бар уюму. *Иезуиттер ордени; Ливон ордени.* 2. Айрым жашыруун коомдор же бирикмелердин аты. *Масондор ордени.*

**ОРДЕНДҮҮ** Ордени бар, орден менен сыйланган. *Ордендүү жылкычы. Ордендүү мугалим. Эки ордендүү Кыргызстан.*

**ОРДЕР** Бир нерсени алууга берилген документ же кат жүзүндөгү буйрук; кандайдыр бир нерсени берүү же алуу документи. – *Ананайын, сен ордерлериңди бухгалтерге алып бар* (Таштемиров). *Ордерге толгон пул алып, Эпкиндүү Сырга карк болду* (Осмонкул).

**ОРДИНАТОР** Ооруканадагы ооруларды дарылоочу врач.

**ОРДО I** 1. Кандын сөөлөт үйү, бийлик үй. *Олтурган экен ордодо, Ордокана коргондо* («Манас» С.О.).

**ОРДО II** 1. Айланта сызылган сызыктын борборуна үч чүкөдөн бир оюн кылып чүкө салып, эки жаат болуп абалак же томпой менен атып, чертип ойноочу улуттук оюн. *[Журтбек] тогуз коргоол, упай, ордо, көкбөрү өңдүү оюнга... шыктуу жигит* (Бейшеналиев). *Ортосунда төрт үйдүн, Ордону салып сен койгун* («Эл адабияты»). *Беш чүкөнү бир – дешип, Белсенип ордо кир – дешип* («Манас» С.О.). 2. Уютку, уюк, борбор, көп болуп топтолушкан жер, көп болуп топтолушкан, кыжы-кыйма болгон топ.

**ОРДОКАНА ордо I** менен бирдей. *Ордокана чатырга ал күнү кайра барыптыр* (фольк.).

**ОРДОЛУК** Сарайда болуу, хандын жанында болуу. *Ордолук чеpүү.*

**ОРДОЛУУ** 1. Ордосу бар, хан ордосу орношкон. *Ордолуу Букар шаарында* («Семетей»). 2. Түптүү, кеңири тамырлаган, уруктуугандуу, кубаттуу. *Ордолуу кыргыз чогулса, Оюн салып жүрчү эле* (Осмонкул). *Ордолуу журтка катылып, Чечтирмек болдуң тонумду!* («Манас»).

**ОРДОЛУУ ШАЙЫК** Аксакалдар башында турган борборлошкон кандык.

**ОРДОСУ БУЗУЛУУ** Ойрон болуу, кыйроо, талкаланып жок болуу. *Канай ордосу бузулуп, тиккен туусу жыгылып түшкөнсүп сурданган* (Үмөталиев).

**ОРДОЧУ** Ордону жакшы ойногон киши; ордо оюнуна катышкан киши. *Кеч жакындаган сайын ордочулардын кыйкырыктары катуулап чыкты* (Убукеев).

**ОРДУ ЖОК** Жөнү жок, ылайыгы жок, дайынсыз, дайны жок, туруксуз, туругу жок. *Орду жок сөздү көп сүйлөп, Дүйнөнүн жүзүн булгайсың* (Токтогул). *Орду жок жигит.*

**ОРДУ-ТҮБҮ МЕНЕН** Такыр, биротоло. *Мен айтып жатам, барасың, барбасаң, орду-түбүң менен жоголосуң* (Бердикеев).

**ОРДУН СЫЙПАЛАП КАЛУУ** Турган жеринен, койгон жеринен таппай калуу. *Үйдөн киши чыкпады. Апсамат түшө калып эшикти серпе көтөрсө, аңгырап ээн. Алар Эмирдин ордун сыйпалап калышты* (Осмоналиев). **В.: Ордун сыйпоо.** *Атаганат, ордун сыйпап кайсалаганда ...анын салабаты ого бетер бараандуу, даана чагылып отурбайбы* (Бейшеналиев).

**ОРДУНАН АТЫП ТУРУУ** Тез, өтө ыкчам

тура калуу, чочугандай тез кыймылдоо. *Ордуман атып турдум чочуп* (Бердикеев). *Ордунан атып туруп Суусарды өөп-өөп жиберди* (Бердикеев).

**ОРДУНАН ЧЫГУУ** Каалагандай оюндагыдай орундалуу, аткарылуу. *Айткны ордунан чыгып, көңүлү көтөрүңкү.*

**ОРДУР ор** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРИГИНАЛ** Кол жазманын же башка бир нерсенин түп нускасы. *Макаланын оригиналы. Портреттин оригиналы.*

**ОРИГИНАЛДУУ** 1. Башкаларга окшош эмес, башкаларды туурабаган; өз алдынча өзгөчөлүгү бар, айырмалуу. 2. Өз алдынча чыгармачылык иштин натыйжасында түзүлгөн; башкалардан алынган эмес, котормо эмес. *Оригиналдык окуу китептери.*

**ОРИГИНАЛДЫК оригиналдуу** менен бирдей.

**ОРИЕНТАЛИСТ** Чыгыш элдерин алардын тилдерин, тарыхын, маданиятын текшерүүчү окумуштуу.

**ОРИЕНТАЦИЯ** Багыттоо, багытталуу, багыт алуу ж.б.

**ОРИЕНТИР** Жол көрсөткүч, багыт иш, максат багыты.

**ОРИОН** *астр.* Экватордук топ жылдыз.

**ОРКЕСТР** *муз.* Музыкалык чыгармаларды аткарууда катышкан музыкалык аспаптардын жыйындысы жана ар түрдүү музыкалык аспаптар менен музыкалык чыгарманы аткарууга биргелешип катышуучу музыканттар коллективи. *Симфониялык оркестр. Эл аспаптарынын оркестри.*

**ОРКЕСТРЛЕШТИРҮҮ** Музыка чыгармасын ар кандай аспапта ойноо, оркестрге салуу.

**ОРКОГОЙ** Оркойгон, оркоюп чыгып турган. *Жер жарылып таң атып, Оркогой тоонун баш-башы, Адамга даана көрүнүп* («Сейтек»).

**ОРКОЙ** Сороюп көрүнүп туруу, уркуюп бөлүнүп чыгып туруу. *Тагай узун бойлуу, кокосу оркойгон, чап жаак кара жигит* (Жантөшев).

**ОРКОЙТ оркой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРКОЮУ оркой** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРКЫЯЛ** Орой мүнөз.

**ОРМО ЖАРМА** *анч.* Текөөрү абдан курч, алган нерсесин бат жеп жиберүүчү бүркүт.

**ОРМОЙ** Мурундуу, мурду коңкоюбураак келген кебетеде тандана олуттуу кароо. *Калыгул Алымкулга ормоё карады (*Абдукаримов).

**ОРМОЙТ ормой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРМОКОЙ** Ормойгон.

**ОРМОН** Калың токой. *Өтөгөн оюу Шибердин ормонунда болот дегенди укчу элек.* (Абакиров). *Тоо жыгачтуу жер болгон, Токой, ормон, чер болгон* («Манас»).

**ОРМОН ОПУЗА** Бирөөнү опуруп-жапырып коркутуучу, сесин алуучу жасалма амал, ыкма. *Түз эле билген кишиче Ормон опуза кылып, качырып сала бердим* (Бөлөкбаев). – *Ой, жигит! Сен жөнү жок Ормон опузаңды кое тур…* (Үмөталиев). *Ормон опузанын кереги эмне, жолдош тергөөчү* (Абакиров). – *Токтот! Ормон опузаңдын оозун урайындар!* (Үмөталиев).

**ОРМОНДО** Ормойгон кебетеде олурандоо, оройлонуу. *Көкөнү колжойгон оңкогой мурун неме жүзүн үйрүп ормоңдоп опузалады* (Касымбеков).

**ОРМОҢДОО ормоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРМОҢДОТ ормоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРМОЮУ ормой** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРНАМЕНТ** Бир нерсенин бетине кооздолуп түшүрүлгөн оюу-чийүү, кооздук. *Элдик орнамент.*

**ОРНИТОЛОГ** Орнитология боюнча адис.

**ОРНИТОЛОГИЯ** Зоологиянын куштарды текшерүүчү бөлүмү.

**ОРНО** 1. Бекүү, жерге кагылган, сайылган ж. б. абалда туруу, орунтуктоо. *Көчө түшүп, Сым карагай орногон, Станциясы суу кубатын болжогон* (Маликов). 2. Орун алуу, курулуу, жай алуу. *Кыштактар жаңы орноду, Кызыл нур шамдар жагылып* (Бөкөнбаев).

**ОРНОО орно** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРНОТ орно** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРНОШ** Кандайдыр бир кызматка, орунга жайгашуу, белгилүү бир жайдан орун алуу. *Кызматка орношту. Интернатка орношту.*

**ОРНОШТУР орнош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРНОШУУ орнош** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРО I ороо I** менен бирдей.

**ОРО II** Чулгай чалуу, чулгоо. *Жибектен кылган суп аркан, Он эки ороп бүктөдү* («Манас»).

**ОРОГЕНЕЗИС** *геол.* Тоонун пайда болушу.

**ОРОГУЧ** Моюн орогуч.

**ОРОЗГЕР** Оокат-тиричилик, короо-жай, мал. *Касиети жок болот, Пулга ойногон кумардын. Орозгерге кунту жок, Эр сүйбөгөн жубандын* (Барпы). *Үйлөнүп, беш балалуу болуп, там салып, эшигине бак тигип, эл катары от ээси болуп үй-орозгер күткөн* (Касымбеков).

**ОРОЗДУУ** Бактылуу, жолдуу. *Ороздуу менен оттош бол* (макал).

**ОРОЗО АЙТ** Орозо бүткөндөн кийин белгилене турган мусулмандардын эң beделдүү майрамы.

**ОРОЗО** Мусулмандардын кудайга сыйынуу иретинде отуз күнү күндүзү тамак ичпөө тар-

тиби. *Отуз күндүк орозо Олжо берет молдого* (Барпы). *Орозодо көчкөн эрмек* (макал).

**ОРОЗОНУН ОН ТАМЫРЫ БИР КЕЛҮҮ** Туш тараптагы, ар кайсы жактагы тууган-туушкан же жакшы санаалаш, жакын адамдары бир мезгилде келгенине карата колдонулат.

**ОРОЗОСУН АЧА ЭЛЕК** Эч тамак иче элек, оозуна наар ала элек. *Таңда турган байбиче айкыра-кыйкыра орозосун ача элек айылга чуу салды* (Сыдыкбеков).

**ОРОЙ I** 1. Бет, жүз. *Оройүн көргөн чочуган, Ойрон Кошой дагы бар* («Манас»). 2. Ырай, үрөй, түр. *Күндүн орою жаман.* 3. Элес маанисинде да айтылат. *Орою келген, өзү жок* («Манас» С.О.). *Орою актан жаралган* («Манас» С.К.).

**ОРОЙ II** 1. Одоно, олдоксон; корс. *Эмне үчүн орой мамиле кыласың?* (Жантөшев). *Ар кайсыны бир айтып, Сөзү орой, оозу шок* (Тоголок Молдо).

**ОРОЙ III орой чоку** *же* **орой төбө** Дал төбө, как чоку. *Орой чоку баш ооруйт* («Манас»). *Оройго камчы салыптыр.*

**ОРОЙ КӨЗ ЧАРАЙ** Көзмө-көз, бүт бардыгы чогуу турганда, элдин көзүнчө, эл алдында, эч кимден жашыруун эмес. *Каалаганымды орой көз чарай ачык таштадым* (Бейшеналиев). *Качантан бери орой көз чарай, улуу-кичүү дебей элдин тобунда эргүүнү самабады беле* (Бейшеналиев). *Орой көз чарай дегендей, бардыгыңар мында турасыңар* (Жантөшев). *Орой көз чарай отурасыңар, силерди туура түшүнүп, жардам берет деп ишенем* (Бердикеев). *Орой көз чарай турганда Уккула менин сөзүмдү!* («Мендирман»).

**ОРОЙЛУК** Одонолук, олдоксондук, орой мамиле. *Оройлук белги болушта, Окуунун кени орууста* (Токтогул).

**ОРОЙПО** 1. Жаанын киричи. 2. Кээде жалпы эле жебе деген мааниде да айтылат. *Жааны колуна алганы, Оройпо чалганы* («Манас» С.О.).

**ОРОК** 1. Дан эгиндерин, чөп, куурай оруу үчүн темирден жарым ай сыяктанып, иймегирээк жасалган сабы бар эмгек куралы. *Ударник экен дедиртип, Экөөбүз орок оролу* (Осмонкул). *Оро албаган орок тандайт* (макал). 2. Эгинди оруу-жыйүу процесси. *Өзүңүз билесиз го азыр орок маалы келип калды* (Абдукаримов).

**ОРОК МОКОСУН** Ишиңер ийгиликтүү болсун деген мааниде орок оргон орокчуларга карата айтылуучу сөз.

**ОРОК ТАШТАМАЙ** *диал., этн.* Отун үчүн куурай оргон балдардын мелдеш оюну: канча бала ойносо, ошончо санда, бирдей өлчөмдөгү таңгак же чек куурайлар коюлат да, белгиленген чекке ойногон балдардын ороктору кезек менен ыргытылат, кимдин орогунун учу жерге сайылса, ошол орок ээси куурайды утат. *Бала кезде нечен орок таштамай ойнодук го* («Ала-Тоо»).

**ОРОК ТУМШУК** *аңч.* Чулдук.

**ОРОКЧУ** Орок оргон киши.

**ОРОЛ I** Оңтой, ыңтай, оңтойлуу учур.

**ОРОЛ II оро** этишинин туюк мамилеси.

**ОРОЛОЙ** Тегерете, айлана, ар тараптан. *Оролой чапкан Байбарак баатыр* (кычкач), (табышмак).

**ОРОЛУУ** Оролгон, чулганган. *Оролуу жаткан баланын ымыркай бети көрүнөт* (Байтемиров).

**ОРОМ** Кандайдыр бир нерсени ороого, орой чалууга жете турган жип-шуу, чүпүрөк ж.б. *Талаадан табылса, бир ором жип да олжо* (макал).

**ОРОМО I** 1. Жайылган камырга каймак, же май сүртүп, ичине чала бышырылып майдалаган эт, пияз салып же жөн эле ороп, казандагы сууну кайнатып, анын буусуна табак көмкөрүп бышырган тамак. *Оромо бышты, казанды чыгар.* 2. Ороло турган, ороого боло турган

**ОРОМО II** Үстү таардан, ичи кийизден жасалган ат жабуу.

**ОРОМОЛ I** *диал.* Жоолук. *Канчайымдын башындагы оромолду кош чеңгелдеп алып качат* («Эл адабияты»). *Алым белиндеги оромолун чечип, учу менен терин сүртүнө кетти* (Жантөшев).

**ОРОМОЛ Оромо II** менен бирдей. *О, кемпир – чалдар келгиле, Оромол – үпчүн жабайын* («Эл адабияты»).

**ОРОМПОЙ** Бир бут менен секирип ойноолуучу оюн. *Шабиет оюн, оромпой, Болуп турган ошондо* («Манас»).

**ОРОН оро** этишинин өздүк мамилеси.

**ОРОҢ ЭТҮҮ** Одурандап, корс бир тийүү.

**ОРОНДО** Онурандоо, тумшугу менен бир тийүү. *Ороңдобо, кичи пейилдик менен мамиле кыл* (Жантөшев).

**ОРОНДОО ороңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРОНДОТ ороңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРОНДОШ ороңдо** этишинин кош мамилеси.

**ОРОО I** Көбүнчө эгин сактоо үчүн казылган чуңкур.

**ОРОО II** Баланы ороп-чулгоого колдонула турган ар кандай материал. *Баласынын ороосун жайып турган Жийдегул* (Сасыкбаев).

**ОРОО III оро** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРОПАРА** Бет мандай, каршы тушу. *[Харитонов] ышкырыгын оропарадагы көмүр вагонунан ашыра ыргытты* (Абдукаримов). *Көп деле убакыт өткөн жок, тооктордун алды оропарага келип калышты* (Касымбеков). *Туйлап аккан ыкчам арык суулары, Оропара түшө калат эсиме* (Карагулова).

**ОРОПОЙ** *диал. туурасы:* **Оромпой.** *Оору-*

*байбы буттарың оропой тээп ойносоң?*

**ОРОСКЕЛ** *диал.* Орто заар. *Адамды оросскел калтырбайт.*

**ОРОТ** **оро** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРОЧИЛЕР** Өздөрүн нани деп аташкан, Хаваров крайынын Совет-Гаван, Комсомол райондорунда жашаган, Тунгус манжур тилинин тобуна кирген орочи тилинде сүйлөгөн эл.

**ОРОЧОНДОР** Революцияга чейин Байкал көлүнүн чыгышында жашаган, бугу баккан эвенкилордин жалпы аты.

**ОРОШ** **оро** этишинин кош мамилеси.

**ОРОШОН** Баарыга маалым, белгилүү, артыкча, бөтөнчө. *Ок өтпөс темир тону бар, Орошон күлүк аты бар* («Эр Табылды»). *Ногойдон чыккан он төрт ат, Орошон күлүк Буурул ат* («Семетей»).

**ОРОЮ** **Орой I** менен бирдей. *Оттой күйүп жүрөгү, Орою суук көрүнгөн* (Токтогул).

**ОРСОГОЙ** Орсойгон, орсок.

**ОРСОЙ** Оркоюп, башкаларынан өзгөчөлөнүп туруу.

**ОРСОЙТ** **орсой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРСОК** Орсойгон, оркогой, орсоюп чыгып турган (тишке карата). *Ызакулдун мурутунун астынан орсок тиштери жарк этти* (Бейшеналиев). *Орсок тиш, көсөө абышка оңдонуп отурду* (Баялинов).

**ОРСОҢ** **орсоң-орсоң этүү** Орсок-орсок этип сүйлөө. *Асан сүйлөгөндө тиши орсоң-орсоң этип көрүнүп турду.*

**ОРСОҢДО** Арсандоо, күлгөнүндө, сүйлөгөнүндө ж.б. орсок тиштүү кишинин кебетесине окшоо.

**ОРСОҢДОО** **орсоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРСОҢДОТ** **орсоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРСОҢДОШ** **орсоңдо** этишинин кош мамилеси.

**ОРТАК** *туурасы:* **орток.** *Жазында чыккан жашыл гүл, Гуласидей ортагым* («Эл адабияты»).

**ОРТО** 1. Эки четинен алганда борборго жакын турган тең аралык, орун, борбор чени, эки нерсенин арасы. *Бир топ кыздардын ортосунда малдаш урунуп Тарас да олтурду* (Сасыкбаев). *Мектеп кыштактын ортосунда. Эки шаардын ортосу.* 2. Мезгилдин башталышы менен аякталышынын ортолугундагы убакыт. *Кыш ортосу. Түн ортосу.* 3. Ар кандай белгилери, өзгөчөлүгү ж. б. жагынан абдан жогору да эмес, абдан төмөн да эмес, чоң да эмес, кичине да эмес, жакшы да эмес, жаман да эмес. 4. *сүйл.* Бардыгына таандык, жалпы; көпчүлүктүкү. *Өгүз, атты кошмок болдум ортого, «Айткан эле чарба малдан берели»* (Токомбаев). *Ортонун малын коротпой, Орундалды ойдогум* (Осмонкул).

**ОРТО БИЛИМ** *пед.* Коомдук пайдалуу эмгекке же атайын жогорку билим алууга керектүү болгон билимдердин, ыктардын жана машыгуулардын жыйындысы.

**ОРТО ЗААР** Же ары, же бери эмес, ыргылжың болгон абал. *Билерман чоңдор орто заар болуп, күнөм санашат* (Бектенов).

**ОРТО МЕКТЕП** *пед.* Жалпы билим берүүчү – окуучуларга илимдин негиздеринен системалуу билим берүүчү жана кесиптик даярдыкка жана жогорку билим алууга зарыл болгон ыкманы үйрөтүүчү окуу-тарбия мекемеси.

**ОРТОГО АЛУУ** Жалпысы, бүт бардыгы чогулуп сөзгө алуу, кыстоого алуу, ур-бериге алуу. *Чыныңды айт деп, сары тончон кишини ортого алышты.*

**ОРТОГО САЛУУ** 1. Бар болгонун тең бөлүшүү, тең көрүү. *Студент кезде болгонун ортого салып жашоочу элек, азыр андай кайда.* 2. Бардык болгон ишти ачык сүйлөшүү, жашырбай ачык айтуу, көпчүлүккө коюу. *Иштин жайын ортого салайын, силер да ойлонуп, оюңарды айткыла* («Ала-Тоо»).

**ОРТОДОГУ ОТ ӨЧҮҮ** Турмуш бузулуу, үйбүлө жашоосу болбой калуу. *Эки ортодогу от өчтү, эмне айла кылабыз.*

**ОРТОДОКСИЯ** Кандайдыр бир иште кыйшаюусуз, тайбастан принциптерди жана жоболорду бекем кармоо.

**ОРТОК** 1. Баарына тең, бирдей жалпыга тиешелүү. *Кара кылды как жарып, Орток аштык айдайлык* («Манас»). *Чечендин сөзү орток, чебердин колу орток* (макал). 2. Шерик, жолдош, дос. 3. Үлүш. *Күндүзгү аштын ортогу көп* (макал).

**ОРТОК ТИЛ ТАБЫШУУ** Өз ара түшүнүшүү, бирдей, көз карашка келүү, бир пикирде болуу. *Бул жигиттин дагы бир жакшы жери ооз көптүрмө опузага салбай, алар менен да орток тил табыша билгендиги* (Мавлянов).

**ОРТОКТОШ I** Шериктеш, үлүштөш; бирге бөлүшкөн, тең орток. – *Болуптур. Жакшы тилегиңизге ортоктошмун* (Бейшеналиев).

**ОРТОКТОШ II** Орток болуу, кандайдыр бир ишке орток болуп катышуу, шериктешүү, тең орток болуу. *Ортоктошуп эгин айдоо.*

**ОРТОКТОШУУ** **ортоктош** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРТОЛО** Теңине чейин жетүү, капортосуна чейин келүү. *Сеитова, кең коридорду ортолоп өткөн соң, чоң энени оң жактагы эшикке карай баштады* (Сыдыкбеков).

**ОРТОЛОТ** **ортоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРТОЛОШ** Жалпы ортого түшүү, жалпыга орток болуу. *Ортолошкон мал.*

**ОРТОЛОШТУР** **ортолош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРТОЛОШУУ** **ортолош** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРТОЛУК** Көпчүлүккө таандык, жалпы элге таандык. *Жыйырма жыл болду колхоздун ортолук коюн кайтардым* (Осмонкул).

**ОРТОМЧУ** Эки ортодо жүргөн арачы киши. *Ортомчуга кирбей койду.*

**ОРТОН КОЛДОЙ** Мыкты, ирдүү, эң сонун, алдыңкы. *Уулу эң мурун мусулманча окуудан көзүн ачса, анан орустан окуп, ортон колдой киши болмок* (Каимов).

**ОРТОН** Сөөмөй менен аты жоктун арасындагы манжа. *Абылбек оң колунун ортону менен столду акырын гана тырсылдата ургулап койду* (Жантөшев).

**ОРТОНЧУ** Ортодогу. Улуусу менен кичүүсүнүн ортосундагы. *Ортончу баласы. Ортончу кызы.*

**ОРТОҢКУ** Ортодогу, эки нерсенин аралыгындагы. *Ортоңку көчөсү бөтөнчө көрком* (Сыдыкбеков). *Кыздар ортоңку кең көчөгө өтүшту* (Сыдыкбеков).

**ОРТОҢОР ТОЛСУН** Кандайдыр бир адамдар тобуна карата ынтымагыңар, биримдигиңер ашсын деген мааниде колдонулат. – *Ортоңор толсун айтып, шыңга бойлуу ак саргыл жигит келип учурашты* (Акматов).

**ОРТОПЕДИЯ** Сөөктөрдүн майыптыгын, кемтик-кетигин түзөө, дарылоочу медициналык чаралардын жана илимдин бир бөлүмү.

**ОРТОСУ СУУ** Мамилелери солгундоо, начарлоо. *Алымкул аталыктын киши колдуу болушуна булардын ортолору ого бетер суул кетти* (Касымбеков). *Сөз жалганбай, ортолору сууп кетти* (Касымбеков).

**ОРТОСУНА ОТ ЫРГЫТУУ** *к.* **арасына от жагуу.**

**ОРТОСУНАН ЖЕЛ ӨТПӨӨ** Бири-бири менен өтө ынтымактуу, таттуу болуу, абдан тыгыз байланышта болуу. *Алардын ортосунан жел өптөйт.* **В.: Ортосунан кыл өтпөө.** *Бу ортосунан кыл өтпөй калган өмүр менен өлүм кармашына биле туруп өзү жөнөтүп койгонун айкын сезип, не кайгырбай, не кубанбай нестейип кала берди* (Касымбеков).

**ОРТОСУНАН ОТ ЧЫГУУ** Мамилеси бузулуу, ынтымагы кетүү. *Баягыдай күтүрөп мейман күтүп, шапар тепкендин орду ачышып, Төлөгөн менен Моймолдун ортосунан от чыкты.*

**ОРТОЧО** Орто, өтө чон эмес, өтө кичине эмес. *Орточо болсоң баарынан ошол озот* (макал). *Алтынайдын орточо гана тегерек көзү карагаттай* (Жантөшев).

**ОРТОЧУ** Арачы. *Орточу болуп Сүйүмбай убадасын такыды* (Калык).

**ОРУЗДАМА** **нооруз** менен бирдей.

**ОРУК** Оруу, оруу-жыюу. *Мына жаңы орук, чабык, жыйнаш иши башталды.*

**ОРУЛ** **ор** этишинин туюк мамилеси.

**ОРУМ** Оруп, чаап алууга жеткен учур. *Беденин баш оруму. Орто орум. Аяк орум.*

**ОРУН** 1. Бир нерсени коё турган, отура турган ж. б. жай. *Тиги кишиге ушул арадан орун беришсек кантет* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кызмат, ээлеп турган кызматы, кызмат абалы. *Ордунан алынды. Ордуна жаңы киши дайындалды.*

**ОРУН АЛУУ** 1. Орунтуктоо, жайланышуу, туруп калуу. *Төшөк дайын болду, орун алыңыздар, меймандар.* 2. Жок эмес, бар болуу, кездешүү, учуроо. *Жогорку кемчиликтердин орун алганын мойнуңузга аларсыз.* **В.: Орун-очок алуу.** *Тиги кайын сиңдиң бой тартып орун-очок алса, бул уулуң чоңойсо, кор болбойсуң, аяш!* (Жантөшев). *Эми минтип элге жетсек деп эки көзүн чачыраткан ыйык мекемеден орун-очок алып отурат* (Акматов). **Орун басуу.** *Ал бечара орун басып калыптыр.*

**ОРУН МАЙЛОО** Жаңы кызматка турганын белгилеп тамак-аш берүү. *Ал бүгүн орун майлады.* **В.: Стол майлоо.** *Эми столду майлаарсың, баатыр.*

**ОРУН ОЧОК АЛУУ** *к.* **орун алуу.**

**ОРУНДА** Аткаруу, ишти иш жүзүнө ашыруу. *Азамат эрдин жакшысы – айткан сөзү орундайт* (Осмонкул).

**ОРУНДАЛ** **орунда** этишинин туюк мамилеси.

**ОРУНДАТ** **орунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРУНДОО** **орунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРУНДУУ** Жөндүү, жөнү бар, ылайыктуу. *Оргу-баргы сүйлөбөй, Орундуу болот азамат* (Токтогул). *Бала да болсо Сакадайдын бул сөзү орундуу болду* (Жантөшев).

**ОРУНСУЗ** Жөнү жок, ылайыксыз, дайынсыз.

**ОРУНТУК** 1. Аркасында жөлөнгүчү бар же жөлөнгүчү жок киши отурууга ылайыкталган отургуч, үстөл. *Зарыл менен Мыскал столдун жанындагы орунтукта олтурушту* (Сыдыкбеков). 2. Жай алган жер, орун алып жайгашкан жай, орун. *Орунтук алуу.*

**ОРУНТУКТА** Орунтук алуу, жайгашуу, белгилүү бир жерге жайгашуу, турук алуу.

**ОРУНТУКТАТ** **орунтукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОРУНТУКТОО** **орунтукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРУНТУКТУУ** Туруктуу, жайлуу, бекем орун алган. *Орунтуктуу эр болуп, Он эки мүчө тең болуп* («Манас»).

**ОРУНЧУ** Төшөнчү, төшөк-орунчу.

**ОРУСТАР** Россия Федерациясынын негизги калкын түзүүчү Чыгыш славян элдери.

**ОРУУ** **ор** этишинин кыймыл атоочу.

**ОРУШ** **ор** этишинин кош мамилеси.

**ОРФЕЙ** *миф.* 1. Өзүнүн ырлары менен бакдарактарды, аскаларды кыймылга келтирүүчү, жапайы айбанаттарды баш ийдирүүчү ырчы. 2. Мукам үндүү ырчы.

**ОРФОГРАФИЯ** Адабий тилдин нормаларына ылайык сөздөрдү туура жазуу эрежелеринин системасы.

**ОРФОЭПИЯ** *линг.* Сөздү адабий үлгүдө жана так айтуу эрежелеринин системасы.

**ОРХОН ТҮРКТӨРҮ** Б.з. V–VIII к. Бор-

бордук Азияда жашаган түрк уруулары. Алар 265–460-жж. гундардын мамлекетине киришип, кийин түрк каганатынын негиз салуучуларынан болушкан.

**ОРХОН-ЭНИСЕЙ ЖАЗУУСУ** Байыркы түрк урууларынын жазуусу.

**ОРЧУН** 1. Көп, көпчүлүк. 2. Ири, чоң, башкы, негизги. *Орчун кошун жыйылып.* («Манас» С.О.). *Орундалып – Улуу тилек орчуну Далай, далай элес келип көзүмө* (Турусбеков). *Ал талаага эмгекчи, Орноткон орчун курулуш* (Турусбеков).

**ОРЧУНДУУ** Олуттуу, чоң, негиздүү. *Тенти Кычанга орчундуу маселелерди айтты* (Бейшеналиев).

**ОСЕТР** Сөөксүз балыктын бир түрү.

**ОСИРИС** Түшүмдү көп берүүчүлүктүн жана акырет дүйнөнүн байыркы кудайы.

**ОСКАР** 1929-жылдан баштап жыл сайын берилүүчү, АКШ кинематографиядагы жетишкендиктери үчүн актер, режиссерлорго киноискусство жана илим Академиясы тарабынан берилүүчү сыйлык.

**ОСКИДДЕР** Элементтин кычкылтектүү бирикмеси, алар элементтен жана кычкылтектен турат.

**ОСМАНИЗМ** XIX к. младо-түрктөр тарабынан жайылган саясий доктрина.

**ОСМИНОГ** Баш буттуу моллюскалар түркүмү.

**ОСМО** Козу кулактын жалбырагына окшош жапыз өскөн өсүмдүк жана анын жалбырагын эзүү жолу менен алынган кочкул жашыл түстөгү каш боёчу суюктук. *[Урия] осмо коюлган кашын серпип, алтын каптаткан тишин жаркылдатып көрсөтөт* (Бейшеналиев). *Кара кашы осмолуу* («Манас» С.О.). *Оромол салган башыңдан, Осмо койгон кашыңдан* («Сүйүү ырлары»).

**ОСМОК** Божомолдоо, болжолдоо.

**ОСМОКТО** Божомолдоп иш кылуу.

**ОСМОМЕТР** Осмостук басымды өлчөөчү курал.

**ОСМОС** Концентрациялары ар түрдүү болгон эки эритменин, же таза эриткич менен эритменин ортосундагы жарым өткөргүч мембрана аркылуу бир жактуу диффузиясын токтотуучу басым.

**ОСОЛ** Орой, одоно, чеки, уят, шылдың. *Осол сөз. Осол иш.*

**ОСОЛДУК** Оройлук, одонолук, чекилик. *Динар азыркы иштеген осолдугу үчүн кайра өзү уялды* (Сыдыкбеков).

**ОСТАРКИЗМ** Байыркы Афинада элдик чогулуштун чечими менен айрым адамдарды шаардан айдап чыгуу салты, саясы күрөштүн бир түрү.

**ОСТАРКИЗМ** Байыркы Афинада элдик чогулуштун чечими менен айрым адамдарды шаардан айдап чыгуу салты, саясий күрөштүн бир түрү.

**ОСТЕОЛОГ** Остеология боюнча адис.

**ОСТЕОЛОГИЯ** Анатомиянын сөөктөрдүн түзүлүшүн окуп-үйрөнүүчү бөлүмү.

**ОСТЕОСКЛЕРОЗ** Жиликтердин, сөөктөрдүн чор басып катууланган дарты.

**ОСТЕОХОНДРИТ** Сөөктөрдүн кемирчектүү жерлеринин сезгеничтүү дарты.

**ОСУЯТ** Айтылып калтырылган акыл, насыят. *Сен да таенеңдин осуятын унутпа* (Токомбаев).

**ОСЦИЛЛОГРАФ** Электр чондуктарынын убакыт боюнча өзгөрүшүн жазып көрсөтүүчү аспап.

**ОТ I** 1. Тутанып күйүп турган газ, жалын. *Кызартып көлкулдөтүп отко салып, Чоюнду саймалантып жатат курап* (Бөкөнбаев). *Көңүлүмдө алоолонгон от күйөт, Куру намыс тиштеттирип бармакты* (Осмонкулова). *Эмнегедир от бир буюм сезилчү, Апакемдин колдорунан жаралган* (Кожомбердиев). 2. Жарык берүүчү жабдыктардын нуру, жылтылдаган жарык. *Араң гана лампочкадан Бүлбүлдөгөн от жанат* (Бөкөнбаев).

**ОТ II** 1. Жашаң чөп, чөп. *[Кычан кунанды] от жерге аргамжылап коюп, уйларды жөө тосмолойт* (Бейшеналиев). *Отко коюу.* 2. Жылкынын айрым үйүрү. *От-оту менен жылкы чоң ашуунун аркы түбүн шыкап чыгып келди* (Убукеев). *Ошо күндө келбесе, От-оту менен жылкыңды Оюм менен тиемин* («Курманбек»).

**ОТ III** Алакандын оту. Алакандын ортосу.

**ОТ АЛДЫРУУ** Моторду иштетүү.

**ОТ АЛЫШПОО** Бири-бириникине киришип-чыгышпоо, ынтымагы кетүү, ыркы кетип катташпай калуу. *Айла болсо сени менен от алышпоого мен тырышайын, менден от албоого сен тырыш, – деди Арзыкул Жылдызканга* (Байтемиров). *Бир уруунун кишиси экинчи уруунун үйүнөн от алышпагандай болсун* (Убукеев).

**ОТ БАСКАНДАЙ БОЛУУ** *к.* **чок баскандай болуу.**

**ОТ БАШЫ БОЛУУ** Үй-жайдын, үй-бүлөнүн ээси болуу. *Жаман эмес, кудайга шүгүр, от башы болуп отурабыз.*

**ОТ БОЛБОО** Ыркы келишпөө, ынтымагы кетүү, араздашуу, бирге жашай албоо. *Баары бир экөөбүз от болбойбуз* («Ала-Тоо»). **В.: От-казан болбоо.** *Кантип от-казан болуп отурам, энең барып турган тажаал* (Касымбеков). *Же мындан ары от-казан болуша албайсыңарбы?* (Касымбеков). *Мүнөзүм чалпоо. Эч ким менен от-казан боло албайм* (Каимов).

**ОТ КЕЧҮҮ** *к.* **кан кечүү.**

**ОТ МАЙ** Башка бирөөнүн жайытынан пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы. *Калпа ажынын миң жылкысынын от майы деп ...он эки семизин тандап, бөлүп союп жешет* (Бейшеналиев). *Менин малымдан от май доолап, кол салып, семиздеп сойгонду ким коюптур аларга* (Бейшеналиев).

**ОТ МЕНЕН ЖАЛЫН** Оорулуу, ноокастаган адамдын денесинин температурасы көтөрүлүп, ысыгандык. *Табигий табити таза адам, болбосо караңгы түндө бети от жалын болуп кызарбайт эле да* (Медетов). *Сыйлангандардын төбөлөрү көккө жетип, эмне айтып, эмне кыларын билбей, бүткөн бойлору от менен жалын болуп күйүп, жүрөктөрү лакылдап, маңдайлары чыпылдап тердеп туруштu* (Абдукаимов).

**ОТ МЕНЕН КИРИП, КҮЛ МЕНЕН ЧЫГУУ** *к.* **оту менен кирип, күлү менен чыгуу.**

**ОТ МЕНЕН ОЙНОО** Өтө коркунучтуу, чоң кырсыкка учурай тургандай ишке баруу. *Ай, балдар, от менен ойнобосоңорчу.*

**ОТ ТАШТОО** *к.* **арасына от жагуу.**

**ОТАН** Ата журт, ата конуш. Айткан кептин болжолу, Шонан болот турбайбы. Кыз отандан чыкканда, Жубан болот турбайбы (Терме). Мына ошондуктан отан талаам, иш арада чаап келип... унчукпай чаап кетип жүргөнүмдүн себеби ошол эле (Айтматов).

**ОТЕЛЬ** Мейманкана.

**ОТКО-ЖАМГА ТҮШҮҮ** Жанын аябоо, эч нерседен кайра тартпоо, ар кандай кыйынчылыктардан баш тартпоо. *Бала үчүн киши отко-жамга түшөт.*

**ОТКО КИЙИРҮҮ** Жаңы келген келинди тууган-туушкандары үйүнө чакырып, эшиктөрүн көрсөтүү. *Акең бир козусун союп, сени отко кийирем, жалгыз атымды мингизип чыгарам дейт, деп Кундуз мени үпчүлөөдө* (Жантөшев). **В.: Отко киргизүү.** *Кыдырбай Батийнаны отко киргизген* (Сыдыкбеков).

**ОТКО КОЮУ** Оттотууга коё берүү; чөпкө коюу. *Атты чыгарып отко коё бер! – деди Жылдыз* (Жантөшев). *Сейдеши аны күтпөстөн озуна унаасын отко коюп, жанында кериле басып турат* (Бейшеналиев).

**ОТКО СИЙГЕН ТЕНТЕК** Өтө ашынган, баш бербеген (балага карата). *Буту жер баскандан отко сийген тентек болуп чыккан жубарымбек ушул жаздан бери эле эмнегедир боюн токтотуп, бир башкача момоюп калды* (Акматов).

**ОТКО-СУУГА САЛУУ** Урдум-соктум болуу, ар кандай кыйынчылыктарды, жаман-жакшыны баштан өткөрүү. *Ээ, жан деген ошентип адамды отко-сууга салып, калакайчолокой эттирет тура чиркин* (Кыдырмышев).

**ОТКО ТАБЫНУУЧУЛУК** Алгачкы адамдардын турмушунда оттун ойногон ролунун негизинде келип чыккан, отту кудай катарында көрүп, ага сыйынышкан; аластоо, келинди отко киргизүү ж.б.

**ОТКО ТҮРТҮҮ** Кандайдыр бир кесепеттүү, кырсыктуу, жаман иш жасоого үгүттөө, азгыруу, тетири жолго салуу. *Алдап отко түрткөнүн. Менин да көрөйүн деген күнүм бар* (Осмоналиев).

**ОТКО ТҮШҮҮ** Ар кандай кыйынчылыктарга башын байлоо, даяр туруу. *Сен баштасаң ушул жигиттер отко түшүүгө да даяр* (Нурпеисов). **В.: Отко-чокко түшүү.** *Садыр дүйнөгө түркүк боло тургансып, өзүнөн өзү эле отко-чокко түшүп, күйүп-бышып жүрөт* (Бердикеев).

**ОТКРЫТКА** Атайын ачык кат үчүн жасалган почта карточкасы.

**ОТЛИЧНИК** 1. Бардык негизги сабактарынан эң жакшы баа алган окуучу. *Жетинчи класстын отличниктери.* 2. Эң жакшы иштеген адамдар. *Билим берүүнүн отличниги.*

**ОТМУЗДАК** От менен муздун кошулган жерин туюндурган сөз.

**ОТО** 1. Эгиндин, жашылчалардын ж.б. арасындагы отоо чөптөрдү чаап же жулуп, тазалап салуу. *Эгин отоп жаткан аялдар анда-санда.. созолонтуп ырдап коёт* (Элебаев). *Күлбөс кыз эч нерседен кабары жок, Бир күнү, эң кеч кайткан, кызылча отоп* (Осмонов). 2. *өт.* Жок кылуу. *Канатым карып, куйругум, Отоп-бутап жеп болдум* («Сейтек»).

**ОТОГО** *тар.* 1. Аскер жана мансап адамдарынын бийлик даражасын айырмалап көрсөтүү үчүн бөркүнө тагылган асыл таш, чачы же куштун канаты. *Ак отого диңсе Дал ортодо жаркылдап* («Манас» С.О.). 2. Үкү, шуру тагылган кундуз тебетей. *Үкү таккан шуру отого кундузу, Кыз башынан түшө жаздап оңолду* (Эралиев).

**ОТОГУЧ** Отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн колдонулуучу калак сыяктуу курал, саңса, чанжы. *Отогучуңду анчалык ойсоңдотпо апийимдин тамырын кыркып саласың* («Ала-Тоо»).

**ОТОЛО** Жер которуу.

**ОТОМИДДЕР** Мексиканын түштүк штатында жашаган, отми тилинде сүйлөгөн индеец калкынын бири.

**ОТОО I** 1. Малчылардын жайлоого чыкканда ала жүрүүчү чаканыраак боз үйү. *Ак отоо үйүн көтөрүп* («Манас» С.О.). *Буудайбектин отоого Алтымыш араң сыйыптыр* («Манас»). 2. Жаңыдан келген келинге тигилип берилүүчү кичинекей боз үй, өргөө, жеңил үйлөр. *Катарындагы жумурткадай отоо кызыныкы* (Сыдыкбеков). *Керилген сулуу Кишимжан Тетиги көтөргөн отоо үйдө деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *«Отолотсо отолосо экен, отолотпосо, отунума барат элем»* (Абакиров).

**ОТОО II** Дан эгиндерин, жашылчаларды ж. б. зыяндуу чөптөрдөн арылтуу жумушу.

**ОТОО III ото** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТОП-БУТАП ЖЕЙ БЕРҮҮ** Элдин болгонун тартып алып, оор турмушка кириптер кылуу. *Манаптар элди отоп-бутап жей берген.*

**ОТОР** 1. Малдын (негизинен жылкынын) кышкы жайыты (күнөстүү, кар аз түшө турган жер). 2. Кышкы жайыттагы жылкы баккан

адамдар – жылкычылар (отор башы ошол жылкычылардын башчысы). *Отор башы Жабагы* («Манас» С.О.). 3. *эс.* Алыс жак, алыскы өлкөлөр. 4. *эс.* Колония. 5. Бир короо кой-эчки, койдун өзүнчө бөлүнгөн тобу. *Тээ тетиги көрүнгөн айыл биздин колхоздун малчыларынын оторлору* (Токобаев).

**ОТОР-ОТОР ОЮНЧУК** Ойлонбой иштелген иш.

**ОТОРИНОЛАРИНГОЛОГ** Оториноларингология боюнча адис, врач.

**ОТОРИНОЛАРИНГОЛОГИЯ** Кулак, мурун жана тамак оорусун изилдөөчү медициналык клиникалык дисциплина.

**ОТОРЛО** 1. Оторго (1-маанисинде) кетүү. 2. *эск.* Алыс жакка, алыскы өлкөлөргө жетүү. 3. *эск.* Колонияга кетүү.

**ОТОРЛОО оторло** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТОРЛОТ оторло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОТОРЧУ** Айылдан бөлүнүп, мал багуу үчүн көчүп жүргөн малчы.

**ОТОРЧУЛДУК** Жергиликтүү элди жеңип алып, эксплуатациялап, кыйнап, өлкөнү же аймакты колонияга айландыруу.

**ОТРЯД** 1. Атайын аскер бөлүгү. *Каныбектин отряды эки жүздөн ашып кеткен* (Жантөшев). 2. Ишти же кандайдыр бир милдетти чогуу аткаруу үчүн биригишип уюшкан адамдардын тобу, кандайдыр бир коллектив. *Жапар пионер отрядынын башчысы Сатарды ээрчитип, Зуурага барды* (Баялинов). *– О мен Ташбай акемдин отрядына кошулам!* (Сыдыкбеков). 3. *зоол.* Тукумунун тектештиги жагынан бириккен жаныбарлардын бөлүнүш системасындагы бир топ.

**ОТСТАВКА** 1. Аскер кызматынан биротоло кетүүчүлүк. *Отставкага чыккан полковник.* 2. Парламентте тиешелүү ишеним ала албаган себептүү же мамлекеттин башчысынын алмашылышына байланыштуу өкмөттүн же кабинеттин бийликтен кетиши.

**ОТТЕНОК** *сүр.* Көркөм сүрөт искусствосунда анча чоң эмес, билинер билинбес байкалган жарык күчүндөгү, түстөрдөгү же окшош тондордогу айырмачылык.

**ОТТО** 1. Тиштеп чөп жеп азыктануу (мал жөнүндө). *Тандап оттоп бетегенин гүлүнөн, Төрт түлүк мал эркинче оттоп семирген* (Осмонкул). 2. Чокуп, терип жеп тамактануу. *Алда кайда оттоп жүргөн кызыл короз.. койкоктоп кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

**ОТТОЙ БЕРҮҮ** Оозуна келгенин айтуу, дайыны жок сүйлөө. *Ал оттой берет, көңүл бөлбөй эле койгула.*

**ОТТОН АЛЫП СУУГА, СУУДАН АЛЫП ОТКО САЛУУ** Көрбөгөн кордукту көрсөтүү, кыйноо, катуу кысым көрсөтүү, каргапшилөө. *Жанын күйгүзүп, сөөгүнө бата турган ачуу сөздөрдү айтат, оттон алып сууга, суудан алып отко салып калтыратып кармайт...* («Ала-Тоо»). *Кемпир жаагын баспады. Көйнөгүнүн чайналган этегин ары карап, бери карап, каргай берди, Баланы оттон алып сууга, суудан алып отко салды* (Айтматов). **В.: Оттон алып, сууга салуу.** *Кечеги уйкусуз түндөн, балапан жанын оттон алып, сууга салган тумоодон кыйналып калган бала көшүлүп уктай берди* (Айтматов). *Мария да анча эмес, а тигил безилдеген Акия Чаргын байкушту оттон алып, сууга салып жатат* (Сыдыкбеков). **Оттон алып, чокко салуу.** *Күнөөсүз жерден, уул-келинин да, Нурмамбетти да оттон алып, чокко салат* (Медетов).

**ОТТОО отто** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТТОТ отто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОТТУК** От күйгүзүү үчүн колдонулган чакмак таш. *Оттугу жатыр, кабы жок* («Манас» С.О.). *Каныбек оттук чагып, отундун, куусунан сындырып от жакты* (Жантөшев). *Оттук, бычак, бел бооңор, Милтеге чейин баары бир* («Манас»). *Оттугу – Ала-Тескейде, Жуушаты – Күмү-Күңгөйдө.*

**ОТТУУ I** 1. Ысык, ысыган, ысык илептүү. *Оттуу жел.* 2. *өт.* Тайманбаган, кайра тартпаган, кайраттуу, абдан демилгелүү, курч. *Оттуу бала чыгат деп, Жолдоштору билишти* (Барпы). 3. Нур чачыраган, ойноктогон нурлуу. *Келин оттуу көзү менен бир карап, башын чайкап күлдү* (Жантөшев).

**ОТТУУ II** Чөбү көп, жашыл чөптүү, калың чөптүү, жайыттуу. *Өзүңүз билесиз, андай оттуу жерди таба албайсыз* (Абдумомунов).

**ОТУ БЕТИНЕ ЧЫГУУ** Кыпкызыл болуп нурданып, жаркылдап туруу. *Оту бетине чыгып, жаркылдап турган бала* (Нурпеисов).

**ОТУ КҮЙҮШПӨӨ** Мамилеси туура келбөө, бирге тура албоо, ыркы келишпөө. *Батийна жыгыла жаздап өзүн араң токтотту. Болгон экен. Отум күйүшпөс... силерге бүлө болуп да бербесмин* (Сыдыкбеков). *Бизди кудай кошуп кичинебизден баталашкан экенсиздер, бирок отубуз күйүшпөдү* (Өгөбаев). *Бирок эмне үчүн оту күйүшпөй, ыркы кетип, бири-бирине пейли тартып, көптүн бирибиз деп, көз жумду жашап жатышканы бөтөн бирөөгө эмес, өздөрүнө да табышмак эле* (Кушбаков).

**ОТУ КҮЙҮШҮҮ** Ынтымактуу болуу, пикирлери келишүү, таттуу болуу. *«Акыры эле балдардын оттору күйүшүп кетсе, биз кайда бармак элек», – дешкен* (Өгөбаев). *Илгерикийин оту күйүшүп кетер деген тилекте тилин тишине катып жүрдү* (Ашымбаев).

**ОТУ МЕНЕН КИРИП, КҮЛҮ МЕНЕН ЧЫГУУ** Бирөөнүн кол алдында эч баш көтөрбөй, кыңк этпей, малайы сыяктуу кызмат кылуу, эртеден кечке тыным албай иштөө. *Байлардын оту менен кирип, күлү менен чыгып жүрүп өлгөн малайлар аз эмес* (Шүкүрбеков). *Оту менен кирип, күлү менен чыкса да өгөй энеден укканы заардуу тил* (Куш-

баков). *Отуңар менен кирип, күлүңөр менен чыгып, кыяматка дейре силердин кул-кутаныңар болуп жүрүшсүн, – дедим* (Касымбеков). **В.: От менен кирип, күл менен чыгуу.** *Ал деле бала, дагы бактыбыз бар экен, от менен кирип, күл менен чыгып, бир өйдө карабай жаркылдап-жайнап оокатын кылып жүрөт* (Өгөбаев). **Оту менен ойноп, күлү менен кошо чыгуу.** *Атасы байдын ирегесинде жүрчү, энеси алардын оту менен ойноп, күлү менен кошо чыгаар эле* (Ашымбаев). **Эшиги менен кирип, күлү менен чыгуу.** *Жети атаңдан бери карай кызматыңды кылып, эшигиң менен кирип, күлүң менен чыктым. Аягын!* (Жантөшев). **Күлү менен чыгуу.** *Анын үйүндө күлү менен чыгып үч жыл жүрдү* («Ала-Тоо»).

**ОТУ ӨЧҮҮ** Бүлгүнгө учуроо, жашоо-тиричилиги токтоо, казаны кайнабай калуу. *Жангечтиден баштап, жакын туугандарына чейин эч нерсе калтырбай айдатып кетет. Жангечтинин оту өчөт* (Осмоналиев).

**ОТУ ЧЫГУУ** *к.* **бетинен чыгуу.**

**ОТУГУУ отук** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТУЗ** 30 саны, үч ондук. *Жашы отуздан ашкан* (Сыдыкбеков). *Оозундагы отуз тиш, Берметтен тизип таккандай* («Мендирман»).

**ОТУЗУНЧУ** Отуздун иреттик саны.

**ОТУК** Кичинекей козу, музоо, кулун чөп оттой баштоо. *Козулар отугуп калгандыктан, кыркмачылар пайда болду* (Жантөшев).

**ОТУКТУР отук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОТУН** 1. Жагуу үчүн колдонулуучу жыгач, таш көмүр, тезек, көң ж.б. нерселер. *Палаталар орнотуу, отун алып, суу ташуу сыяктуу жумуштар аткарылды* (Сасыкбаев). *Катын алсаң, отун ал* (макал). 2. *тех.* Күйүүчү заттар. *Суюк отун.*

**ОТУНА МАЙ КУЙГАНДАЙ БОЛУУ** Каалаганындай, тилегениндей болуп калуу, иши оңунан чыгып, ондой берди болуп кетүү. *Бул сөз Айдаровдун отуна май куйгандай болду* («Ала-Тоо»).

**ОТУНКАНА** Отун коё турган, отун сактала турган жай, сарай.

**ОТУНЧУ** Отун алуучу киши.

**ОТУР** 1. Жерге, белгилүү бир орунга, орунтукка, ээрге ж. б. көчүк койгон абалда орун алуу, жайгашуу. *Дасторкон жыйналгандан кийин Бурулча жайланып отуруп алып, сөз баштады* (Байтемиров). 2. Жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин созулушун, үзгүлтүксүз болуп турганын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Настен китеп тандап отуруп Акбар жөнүндө ойлонду* (Убукеев).

**ОТУРГАН ЖЕРИН КЕТМЕНДӨӨ** Кимдир бирөөнү абдан жек көрүү, жакын жолотпоо, көргүсү келбөө, өзү тургай, отурган жерин да казып чыгарып таштоо, мамилелешпөө. *Ал анын отурган жерин кетмендейт.* **В.: Баскан изин кетмендөө.** *Айганыш менен Дөдөндүн Баскан изин кетмендейм* («Курманбек»).

**ОТУРГУЗ** 1. Бирөөнү отура турган орунга жайлаштыруу. 2. Тигүү (мис., бак, алма ж.б.). *Ата, менин отургузган жыгачтарымды мал кемирип салбасын* (Сыдыкбеков).

**ОТУРГУЗУУ отургуз** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТУРГУЗУШ отургуз** этишинин кош мамилеси.

**ОТУРГУЧ** Орундук.

**ОТУРУК** Көчүп жүрбөй бир жерге орун алуучулук, турук алып жайгашкандык. *Отурук бол, там салып, Кыл мээнетти жамдалып* («Жазгыч акындар»). – *Отурук алган ордунан ким эле көчкүсү келсин, – деп Күмүш мурдагыдан жеңиле сүйлөдү* (Байтемиров).

**ОТУРУКТАШ** Көчүп жүрбөй бир жерге туруктуу болуп жашоо, жай алуу. *Алар жаңы жерге түбөлүк отурукташып, бузулбас очок салуу үчүн барышат* (Абдумомунов). *Кыргыз айлы отурукташты* (Сыдыкбеков).

**ОТУРУКТАШТЫР отурукташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОТУРУКТАШУУ отурукташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ОТУРУКТУУ** Туруктуу, отурукташкан.

**ОТЧЁТ** Аткарылган иш жөнүндө жазуу жүзүндө же оозеки расмий билдирүү, маалымат. *Илимий иштер жөнүндөгү отчёт. Жылдык отчёт.*

**ОФИС** Мекеме, контора.

**ОФИЦЕР** 1. Армиянын жана флоттун командалык курамындагы киши. 2. Шахматтын фигурасы.

**ОФИЦИАЛДУУ ОППОНЕНТ** Илимий даража алуу үчүн жалпы эл алдында жакталган диссертацияга баа берүүчү атайы дайындалган адам.

**ОФИЦИАЛДУУ** Өкмөт тарабынан, администрация же бийлик башындагы киши тарабынан белгиленген, дайындалган, же ачык ошолор тараптан чыккан.

**ОФИЦИАЛДЫК официалдуу** менен бирдей.

**ОФИЦИАНТ** Ресторандарда, ашканаларда тамак ташып берүүчү киши. *Официантка акчасын төлөп Султан тышка чыкты* (Баялинов).

**ОФИЦИОЗ** Өкмөт менен расмий байланышта болгон, бирок анын көз караштарын иш жүзүнө ашыруучу, басма сөз органы.

**ОФОРТ** Жездин же цинктин бетине кислота менен оюп жасалган сүрөт.

**ОФСАЙД** Футболдо эрежени бузуу, атака кылган команданын оюнчусу топ жеткенге чейин атандашуучу команданын дарбазасына жакын туруп алышы.

**ОФТАЛЬМИЯ** Көздүн оорусунун жалпы аталышы.

**ОФТАЛЬМОЛОГИЯ** Көз оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим.

**ОФТАЛЬМОСКОП** Көздү изилдөөгө арналган атайын күзгү.

**ОХ** Кубанганда, таң калганда, жан кейигенде колдонулат. *Куду шибердин шуудурун элестетип, балдар арасынан күбүр башталды: – Ох, кайран Алгыр!* (Сыдыкбеков). *– Ох, суу! – деди жерде жаткан Нурмат* (Абдукаримов).

**ОХЛОКРАТИЯ** *саяс.* Топтошкон элдин бийлиги. Кандайдыр бир кыска убакытка чогулган, уюшулбаган адамдар.

**ОХРА** Минералдык боёк.

**ОЦИЛЛЯТОР** Термелүү жасоочу физикалык система.

**ОЧ** Төөнү айдоодо колдонулуучу сөз. *Төө кыядан өткөн соң «оч»! дегениң курусун* (макал).

**ОЧЕРК** 1. Реалдуу фактынын негизинде жазылган кичирээк адабий чыгарма. *Очерктерди да радиодон угушчу* (Баялинов). 2. Өз ара байланыштуу маселелер боюнча изилдөөлөрдөн турган атайын илимий эмгектин аты. *Кыргыз адабиятынын очерктери.*

**ОЧЕРКЧИ** Очерк жазган жазуучу.

**ОЧКО** Спорт оюндарында утуу санынын бирдиги. *Жетинчи турдан кийин 5 очкого ээ болушкан.*

**ОЧОГОЙ** Очойгон, чоң.

**ОЧОГОР** Милтелүү мылтыктын аталышы. *Очогор мылтык аттырып.* («Манас» С.О.). *Очогор мылтык асынган, ойду-дөңдү бастырган.*

**ОЧОЙ** Чоң көрүнүштө болуу, көлтөгөй көрүнүү.

**ОЧОЙТ** **очой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОЧОК** Казан асууга ылайыктап жерден оюлуп, же таш тизип жасалган кемеге, же кирпич коюп жасалган от жагуучу жай. *Эркиниңди отургузуп, тетиги үч кышты коюп очок жасап, от жакчы* (Жантөшев).

**ОЧОК КҮТҮҮ** Үй-бүлөлүү болуу, үйлүү-жайлуу болуу. *Абдыкалык аскердик мөөнөтүн өтөп, андан соң эсепчиликти Караколдон окуду, кийин очок күттү, бала-чакалуу болду* (Жусупов).

**ОЧОК ЭЭСИ** Аялы, зайыбы. *Очок ээси менен коштошуп, сыртка чыгышты. Эшикте эки өспүрүм эки келишкен атты сагактап, күтүп турушкан экен* (Касымбеков).

**ОЧОККАНА** Ичинде очогу бар жай, үй. *Очокхананы зыпылдатып шыпырып жатат.*

**ОЧОКТОЙ** Оор, өтө оор.

**ОЧОР-БАЧАР БОЛУУ** Үй-бүлөлүү, бала-чакалуу. *Токторбайдын уулу аялдуу болуп, очор-бачар болуп калган* (Каимов). *Ал эбак булардан бөлүнүп, очор-бачар, бала-бакыралуу болуп, үй-бүлө күткөн* (Медетов).

**ОЧОРОМ** Ыкшоо, очорулган адам.

**ОЧОРУЛ** Бели, буту ооруган же майып болуп мертинип калган учурда ордунан көтөрүлө албай, тура албай калуу. *Орогуна баралбайм, Очорулуп, тура албаймын белимден* (Осмонкул). *Койкүрөңдүн бели үзүлүп, очорулуп барып жатып калды* («Курманбек»).

**ОЧОРУЛУУ** **очорул** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЧОЮУ** **очой** этишинин кыймыл атоочу.

**ОШЕНТ** Ошондой кылуу, ошондой иштөө, айтылгандай же мурдагыны уланта иштөө. *Ошент, каралдым* (Абдукаримов). *Ошент бөбөк, ошент күлкүң чыкса экен, Балалыгын эстеп көбү жаш алсын* (Осмонов).

**ОШЕНТИП** Ошондойчо, ошондой болуп. *Ошентип, арадан бир аз убакыт өттү* (Убукеев). *Өлбөгөн адам алтын аяктан даам ичсин ошентип!* (Сыдыкбеков).

**ОШКУР** Аттын кыркыроосу. *Атым ошкуруп тура калды.*

**ОШО** **ошол** менен бирдей.

**ОШОЛ** Кимдир бирөөнү, кандайдыр бир окуяны эскере, көрсөтө белгилөө үчүн колдонулат. *Кыстоого калган кыргызды Күтүп алчуу эр ошол, балам* («Манас»). *Бурулча ошол күнү кечинде уулун ээрчитип алып Мамырдыкына барды* (Байтемиров). *Ошол жолдо, ошол ыйык сапарда, Ошол сүйүү биротоло жетилет* (Осмонкулова).

**ОШОНДО** Ошол кезде, ошол убакта, ошол учурда. *Олжобайың ошондо Акырын басып келди эми* («Олжобай менен Кишимжан»). О, *ошондо, Табылды айткандай, сүйгөн жигитти алма менен урамын!* (Сыдыкбеков).

**ОШОНДОЙ** Так ушундай, ошол болгондой, ошол сыяктуу. *Турмуш мени так ошондой жаратты, Сыртым кашаң, ичке берип канатты* (Токомбаев). *Батиш эжесинин мүнөзү ошондой* (Сыдыкбеков).

**ОШОНДОЙДУН ИЧИНЕН ЧЫГУУ** *к.* **бирдин үстүнөн чыгуу.** *Тырчыма шум ошондойдун ичинен чыкмак* (Осмоналиев).

**ОШОНДУКТАН** Андыктан, ошон үчүн, ошол себептен. *Ошондуктан таятам айыл арасында болуп бизге зарыл иштер жөнүндө кабар берип турсун* (Жантөшев). *Калка болот Манас деп, Ошондуктан көөнүм ток* («Манас»).

**ОШОНЧО** Ошол санда, ошол болгончолук. *Досуң канча болсо, душманың ошончо* (макал). *Бирок ошончо көп сандаган каттардын биринен да пайда чыкпады* (Жантөшев).

**ОШОНЧОЛУК** Канча болсо ошондой, ошол санда, ошончо, абдан.

**ОШТОН** 1. Көңүлү көтөрүңкү болуп эргүү. *Ээликкен жүрөк оштонот* (Бектенов). 2. *өт.* Кылыктана койкоктогон, ойноктогон көрүнүштө болуу. *Оштонгон ошол селкиден Эт жүрөк кантип түңүлсүн* (Токомбаев).

**ОШТОНТ** **оштон** этишинин аркылуу мамилеси.

**ОШТОНУУ** **оштон** этишинин кыймыл атоочу.

**ОЮ МЕНЕН ОПУРУП, ООЗУ МЕНЕН ТОЛТУРУУ** Куру сөзү, оюу менен эле бүтүрө берүү, баары-жоктун баарын кыйратып эле

аткарып салуу. *Же ушинтип ою менен опуруп, оозу менен толтуруп, жыргап-куунап жаткандан артык эчтеке жокпу?* (Кыдырмышев).

**ОЮ ОНГО БӨЛҮНҮҮ** Сары санаа болуу, бир нерселер жөнүндө кайра-кайра, ойлоно берүү. *Дочекалдын окуясы оюн онго бөлүп, ошого кейип турган* (Ашымбаев). *Ошентип, анын тынчы кетти. Ою онго бөлүндү* («Кыргызстан маданияты»). *Таштанбек канчалык аракеттенсе да, ширеңкенин чийи менен көзүн тиреп койгондой уйкусу качып, ою онго бөлүнөт* (Саатов). **В.: Ою онго, санаасы санга бөлүнүү.** *Ашырбай али жок. Алар да, албетте, мен сыяктуу ою онго, санаасы санга бөлүнүп, жеке тагдыры туурасында сөзсүз ойлонушат. А чынында ал азыр ою онго, санаасы санга бөлүнүп, мөгдөп отурган чагы* (Айтматов). **Ою онго, санаасы санга чачыроо.** *Ою онго, санаасы санга чачырап ичи бышып кетет да, жанын коерго жай таппай, Сары-Өзөктүн ченем жеткис мейкинине башын катар көңүл таппай кыйналат* (Айтматов). **Ою он талаа болуу.** *Насипкандын ою он талаа болуп бүттү* (Акматов).

**ОЮК** Оюлган жер, чуңкур, оюлган ачык. *Андан соң жаргылчактын оюгуна бир ууч жүгөрүнү салат да, туткасынан кармап жай тегеретет* («Ала-Тоо»).

**ОЮЛ ой** этишинин туюк мамилеси.

**ОЮЛМА** Өйдө чыгуучу тоодогу жол.

**ОЮМ** Оюм-чийим.

**ОЮН** 1. Кандайдыр бир көңүлдү өзүнө тартып кызыктыруучу нерселер,. ж.б. менен алагды болуучулук, көңүл ачуу; зоок, шоок. *Дымак кайтты, көп нерседен тажадым, Оюн-шоок да дабаа болбойт көрүнөт* (К. Белеков). *Курушту кызык оюнду, Шаңдуу ойноп күлгөнү* (Осмонкул). *Оюн-тамаша кызыгандан кызый берди* (Убукеев). 2. Белгилүү эрежелери, ыктары бар, бош убактарда спорттук мелдештерде, салтанаттуу учурларда ж. б. аткарылуучу спорттун түрлөрү, элдик тамашалар. *Футбол оюну. Спорттук оюндар. Эр оодарыш – элдик оюн.* 3. Тамаша, чын эмес, тамашалагандык. *Оюнуңбу, чыныңбы? Оюн-чындан билдирүү.*

**ОЮН САЛУУ** Ойноктоп кетүү, ары-бери чуркоо, даң салуу. *Белесте оюн салып кулундары, Куушуп жонго чыгат кунандары* (Маликов).

**ОЮН ЫРЛАРЫ** *адаб.* Жаштар же балдар тарабынан ойнолуп жаткан оюндун темпи, ритми коллективдүү түрдө аткарылуучу ырлар. *Кыл аркандуу селкинчек, Кыздар тебет эринчек, Келиндердин селкинчек, Кере тебет эринчек* (Элдик ыр).

**ОЮНА КЕЛГЕНДИ ОТТОО** *к.* **оозуна келгенди оттоо.**

**ОЮНА КИР САКТАБОО** Жамандык ойлобоо, бирөөгө жамандык ойлобоо. *Оюна кир сактабаган жалпак кара Бакир атпайылап токтотуп мындай деди* (Бейшеналиев).

**ОЮНДА КАРА ЖОК** Ак көңүл, эч жаман ою жок, эч кимге жамандык ойлобогон. *Оюнда кылдай кара жок Дүйшөнкулду кампачы кылып шайлашты* (Бөкөнбаев). **В.: Оюнда кири жок.** *...Карапайым, оюнда кири жок досуна жеткиликтүү болсун үчүн кошок ыкмасын секин жыбылжытты* (Бейшеналиев).

**ОЮНКАРАК** Ойноок, ойногонду жакшы көргөн. *Курсагы ток, кийими бүтүн оюнкарак балага аяз анчалык сезилген жок* (Касымбеков).

**ОЮНПОЗ** Шайыр, оюнду жакшы көргөн, шайдоот.

**ОЮНЧУ** 1. Оюнга катышуучу, оюнду жакшы көрүүчү. *Оюнчулардын ар кимиси.. [топту] тордон алыс уруп түшүрүүгө даяр* (Бейшеналиев). 2. *сүйл.* Артист, актёр, акробат. *Ат оюнчу кишидей, Тетири минип шамдагай* (Аалы).

**ОЮНЧУК** Жаш балдар ойноого ылайыкталган ар түрдүү нерселер, куурчактар ж. б. *Биринчи январга ооган күнү кечинде, ёлка кооз оюнчуктар менен безенип турду* (Сасыкбаев). *Жыпар көңүлүнө жаккан сонун оюнчукту биринчи колуна кармагансып жылмайып турду* (Сыдыкбеков).

**ОЮУ** Бир нерсенин бетине оюп, чиймелеп салынган түр, оймо. *Арасына оюунун Актан милте койдурган* (Тоголок Молдо). *Үйдүн тутуусу бордолуп жасалган ак кийиз, карга тырмак* (Жантөшев).

# Ө

**ӨБӨ-ДӨБӨ** 1. Тегиздиктин үстүндө жогору болуп өзүнчө бөлүнүп турган томпок сымал дөңсөөчө. *Өбө-дөбөлөргө чалынбай, көзүңдү карап, абайлап бас...* (Абакиров) 2. Идишке үймөлөктөштүрүп үйүп-жыйып толо салынган. *Кысыр эмди тайдын эзиле бышкан эти табактарга өбө-дөбө салынып, меймандарга тартыла баштады* (Турсунов). *Өбө-дөбө эт келди.*

**ӨБӨК** Жөлөк, тирек, таяныч. *Алдына өбөк, аркасына жөлөк кылган бир тууганы* (Жантөшев). *Өйдө чыксам өбөгүм, ылдый түшсөм жөлөгүм. Өбөгү бийик өрдөдү, өзү бизден өйдөбү?* (фольк.).

**ӨБӨКТӨ** 1. Эңкейибирээк тартып, бүкүрөйгөнсүгөн абалда болуу, эңкейе таянып, жөлөнгөндөй, өңкөйгөндөй абалда болуу. *Элдин артыраак жагында олтурган ак сакал чал таягына өбөктөп, Болот миңбашыга карады.* (Абдукаримов). *Өбөктөп анын сөзүнө кулагын тосту.* 2. Бүкчүйүү, бүкүрөйүү. *Өбөктөгөн кары да, Эмгекте жүрөт тынбастан* (Маликов). *Боорун сылап бош жатканын көрбөдүм, Жашы өтүп өбөктөгөн карынын* (Калык). *Боорун жерден албай өбөктөп ыйлады* (Сыдыкбеков).

**ӨБӨКТӨӨ** **өбөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨБӨКТӨТ** **өбөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨБӨКТӨШ** **өбөктө** этишинин кош мамилеси.

**ӨБӨЛГӨ** 1. Бир нерсени турмушка, ишке ашырууга негиз болгон шарт. *Жерди өздөштүрүп айдоо мол түшүм алуунун өбөлгөсү.* 2. Жөлөк, өбөк, тирек, таяныч, негиз. *Ордубузду басуучу Жеткинчегим – өбөлгөм* (Нуркамал). *Жер семирткичтерди өз убагында чачуу – мол түшүм алуунун өбөлгөсү.* 3. Көрсөткөн кызматы, көмөгү, колдоосу үчүн берилген сыйлык, белек. *Өбөлгөңө бир ат берейин. Он сан орус калкынан Алып келген өбөлгөм* (Токтогул). 3. Тигил же бул ишти териштиргендиги үчүн же жардамы, кызматы үчүн милдеттүү түрдө ала турган акы, майы. *Сурак-доодон, териштирүүдөн өзүнүн өбөлгөсүн алып турган, Шарпкуланын майы үчүн Эшимхан Түгөлгө хан Турсундун кызын өбөлгөгө берген.*

**ӨБӨРӨ-ЧӨБӨРӨ** *к.* **чөбөрө**

**ӨБҮЛГӨ** Сүйүп сураган нерсе.

**ӨБҮРӨ-ЧӨБҮРӨ** **өбөрө-чөбөрө** менен бирдей.

**ӨБҮҮ** **өп** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨБҮШ** **өп** этишинин кош мамилеси.

**ӨБҮШҮҮ** **өбүш** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨГӨ** 1. Курчутуу же жылмалоо үчүн өгөө менен сүрүү. *Мен дагы келдим жетип элеп-желеп, Курчутуп канжарымдын мизин өгөп* (Үмөталиев). 2. *өт.* Жөн жерден эле кыйыктап адамды кемирип-кесүү, жемелөө. *Эмне эле мени кемирип-кесип, өгөп калдың* (Мураталиев).

**ӨГӨЙ** 1. Жат, өздүн карама-каршысы. *Көкүлдү өгөй дебегин, Көөдөнү алтын ээлеген.* 2. Өз баласы эмес; өз эне-атасы эмес; өз боору эмес. *Фатиманын пенсияга чыккан атасы менен өгөй энеси да карап турушпады* (Сасыкбаев). *Өгөй бала курусун, Өкүнөм ошол өткөнгө* (Токтогул). *Өгөй атаң болсом да, өз атадан кем эмес бактым эле, бул эмнең балам!* (Сыдыкбеков). *Өгөй – өөнчүл, жетим – кекчил* (макал).

**ӨГӨЙЛӨ** 1. Өгөй ата, өгөй эне же өгөй бала экендигин сездире мамиле кылуу, өз боорундай көрбөө. *Сен аны башкасынтып өгөйлөбө, ал деле алыс эмес* (Саспаев). 2. *өт.* Өөн учуроо, жат көрүнүү. *Улак балдардын көзүнө да жатыгып, өгөйлөбөй калды* (Бейшеналиев). *Аселдин кийингенин анча жактырбай өгөйлөп турду.* 3. *өт.* Жакпай калуу, көнбөгөндүк кылуу. *Бу тамак ичимди өгөйлөдү. Айрым тамакты ичи өгөйлөп, Данил диета кармап жүрөт.*

**ӨГӨЙЛӨӨ** **өгөйлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨГӨЙЛӨТ** **өгөйлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨГӨЙЛӨТҮЛ** **өгөйлөт** этишинин туюк мамилеси.

**ӨГӨЙЛӨШ** **өгөйлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨГӨЙЛҮК** Кандаш-жандаш эместик, алыстык, күйбөстүк. *Өгөйлүгүңдү көрсөттүң.*

**ӨГӨЙСҮН** **өгөйлө** менен бирдей. *Апалап артынан чуркап жүрсө да, өгөйсүнтүп бооруна тарта албады* («Ала-Тоо»).

**ӨГӨЛ** **өгө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨГӨНДҮ** Курчутуу, жылмалоо, учтоо, тегиздөө үчүн темирди өгөгөндө түшкөн майда кыпындар, таарындылар. *Темирдин өгөндүлөрүн да ыргытпай пластика жасоого пайдаланууга болот.*

**ӨГӨӨ I** Металлдан жасалган үч кырдуу, же башка формада жасалган бетинде бадырлары бар, бир нерсени тегиздөөгө, жылмалоого, учтоого, курчутууга, сүрүүгө арналган курал, аспап. *Темирдин көркү өгөөдө, Жыгачтын көркү мөмөдө* (Токтогул). *Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөнө бергис бирөө бар* (макал).

**ӨГӨӨ II** **өгө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨГӨӨЛӨ** Өгөө менен сүрүү, үбөлөп тегиз-

дөө, жылмалоо, курчутуу. *Капитан бир бутундагы кишенди өгөөлөп болду* (Жантөшев).

**ӨГӨӨЛӨН** **өгөөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨГӨӨЛӨӨ** **өгөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨГӨӨЛӨТ** **өгөөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨГӨӨЛӨШ** **өгөөлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨГӨТ** **өгө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨГӨШ** **өгө** этишинин кош мамилеси.

**ӨГҮЗ** Уйдун эни алынган эркеги (ноопаздан өйдөкү жаштагысы). *Өлөр өгүз балтадан коркпойт* (макал). *Кунан өгүз. Асый өгүз. Мурдуна чүлүк өткөрүлгөн өгүз. Өгүзгө кош чегилген убак эчак өткөн* (Баялинов). *Өгүздү өргө салба – канатың талат, жаманга жүзүңдү салба – шагың сынат* (макал).

**ӨГҮЗ ДОГУН КАРМАТУУ** Өжөрлөнүү, көгөрүп туруп алуу, көктүгүн көрсөтүү. *Акия Элебестен чындап жаакка жегенде, ачуу үнүн барынча салып, өгүз догун карматкан* (Сыдыкбеков).

**ӨГҮЗ ӨЛБӨСҮН, АРАБА СЫНБАСЫН** Эптеп-септеп, анчалык кыйналбай, катуулап киришпей, илең-салаң аракет менен. *Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын, – деди сары сакалчан* (Баялинов).

**ӨГҮНКҮ** Мындан бир топ күн мурдакы, бая күнкү. *Сөз өгүнкү эле бойдон кала берди.*

**ӨГҮНТӨДӨН** Мурдатан, ошондо эле. *Бул ишти өгүнтөдөн айтсаң болмок экен.*

**ӨГҮНТӨН** **өгүнтөдөн** менен бирдей.

**ӨГҮНҮ** Мындан бир топ күн мурда, бая күнү. *Өгүнү экзамен тапшырууга келгенде ошондо жаткам* (Бейшеналиев). *Ал өгүнү бизге келиптир* (Жантөшев).

**ӨГҮНЧӨРӨӨК** Бир нече күн мурдараак. *Өгүнчөрөөк «үйгө барып кайтсамбы?» деп бирөөдөн айттырган экен* («Ала-Тоо»).

**ӨЖӨК-ӨЖӨК** Үстү-үстүнө, кандын, зилдин килк-килк этип үзүлүп-үзүлүп сыртка чыгышы. *«Өө» деп Манас окшуса, өжөк-өжөк зар кетти* («Манас»). *Элемандын оозунан Өжөк-өжөк кан кетти, Өкүрүгү таш жарып, Элемандан ал кетти* («Эр Төштүк»).

**ӨЖӨКТӨП** **өжөк-өжөк** менен бирдей. *Өжөктөп кеткен канды токтотууга арга болбоду* (Абдукаимов).

**ӨЖӨР** Ойлогонунан, айтканынан, кылып жатканынан баш тартпаган, кайтпаган, ошондой кылам деп эле аракеттене берген. *Оңой эле алабыз деген дымак өжөр күчкө туштукту* (Калашников). *Факт деген өжөр нерсе, ал эч кимге уттурбайт.*

**ӨЖӨРДҮК** Өзүнүкүн бербегендик, көктүк, өжөргө таандык сапат. *Ошого карабастан өжөрдүккө салып баратты* (Байтемиров). *Өчөшүп душман бекем өжөрдүккө, Бар күчүн салып жатат күнү-түнү* (Абдыраманов).

**ӨЖӨРЛӨН** Айтканынан кайтпай тырышып жатып алуу; көшөрө тырышуу. *Деп ошентип Түмөнбай, Өжөрлөнө кеп салды* («Семетей»). *Биз калаага киргенден кийин, жоо каарын чачып, өжөрлөндү* (Каралаев).

**ӨЖӨРЛӨНҮҮ** **өжөрлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЖӨРЛҮК** Ойлогонунан, айтканынан, кылып жатканынан баш тартпагандык, кайтпагандык, ошондой кылам деп аракеттене бергендик. *Өжөрлүк менен көк беттиктин ортосундагы ажырым өтө чоң.*

**ӨЗ** 1. Жак, таандык, жөндөмө мүчөлөр аркылуу өзгөрүү касиетиндеги өздүк ат атооч. *Өзүм, өзүңө, өзүнүкү.* 2. Жакын, санаалаш, мамилелеш, өзгө эмес. *Өз башындагы төөнү көрбөй, киши башындагы чөптү көрөт* (макал). *Өзүңүздү дайым сезем биз менен Издеп келем, Өмүрүмдү бүт берем* (Акматалиев). *Өз жакындарын чогултуп, өзөктүү сөзгө өтүштү.*

**ӨЗ АЛДЫНЧА** Жеке, жекече, эч кимдин жардамысыз. *Илимде бири-биринин илимий иштери жөнүндө таптакыр маалыматы жок эки башка дүйнөдө, доордо жашаган окумуштуулардын өз алдынча бирдей жыйынтыкка келген учурлары көп эле болгон* («Кут билим»).

**ӨЗ АРА** Бири менен бири, эки же андан көп нерсенин ортосунда, ич ара, башкалардын катышуусуз, өзүлөрүнчө. *Алар өз ара ушундай пикирге келишти* («Адабий Ала-Тоо»)

**ӨЗ АРБАЙЫН СОГУУ** Башка бирөөгө залалы же пайдасы жок, өзүнчө, өз билгенинче жан сактай берүү. *Баарыдан да Абылов менен эже, жездемдин калчаганы өз арбайымды соккон тынч көңүлүмдү дүүлүктүрүп бүлүк салып кетпедиби* (Бейшеналиев). *Атабайдын жини келип, тигини жыга түрттү. – Бар, өз арбайыңды сок! Менде ишиң болбосун!* (Саатов).

**ӨЗ БАШЫНА ЖЕТҮҮ** Бирөөгө деген жамандык өзүнө келип тийүү, өзү зыяндап, кырсык көрүп калуу. *Башкага кылган кастыгы түлкүнүн өз башына жетти* (Баялинов).

**ӨЗ БЕТИНЧЕ** **өз алдынча** менен бирдей.

**ӨЗ БӨГҮНДҮ БӨКТӨ** Башкаларга кам жегиче, өз ишинди бил, өз камыңды жөндөп ал деген мааниде колдонулат. – *Кыргызым! Калмактарыңды жайына калтырып, өз бөгүңдү бөктөсөңчү, кете берсеңчи* (Убукеев).

**ӨЗ ЖАЗДЫГЫН ӨЗҮ АЛА ЖАТУУ** Өзү менен кошо касташкан кишисин да күнөкөр кылуу же өзү өлө турган болгон соң, касташкан адамын да өлүмгө дуушар кылып, өчүн ала кетүү. *Тургунбек тынч кала бергиси келбей, өз жаздыгын өзү ала жатууну көздөп, Асанкулга асыла баштады.*

**ӨЗ КАШЫГЫН ӨЗҮНӨ САЛУУ** *к.* **өз табагын өзүнө тартуу.**

**ӨЗ КЕКИРТЕГИН ОЙЛОО** Керт башынын кызыкчылыгын ойлоо. *Ал өз кекиртегин ойлогон неме.*

**ӨЗ КИЙИМИНЕ ӨЗҮ БАТПОО** Бийлигине, байлыгына чиренип, эч нерсени көзүнө илбей, дөөгүрсүп, чатырап турган абалга карата. *Полковниктин өз кийимине өзү батпай элирип турушунун, чынында, чоң себеби бар болчу* (Осмоналиев).

**ӨЗ КИНДИГИН ӨЗҮ КЕСҮҮ** Эч ким карабай, эч кимдин жардамын көрбөй, өзү менен өзү болуу, эр жетүү. *Осмонкул өз киндигин өзү кесип, калың жоосунан бир намысын алып чыккан экен, аты жакшы, аягына чейин жалгыз барсын* (Өгөбаев).

**ӨЗ КОЛУ ӨЗ ООЗУНА ЖЕТҮҮ** 1. Турмуш-тиричилиги оңолуп, жетиштүү абалга келүү. *...Түлөберди өзүнчө оокат кылып, колхозго кирип, бир экилеп жандык күтүп, өз колу өз оозуна жетип, жадырап-жайнай баштады* (Жантөшев). 2. Чоңоюу, эр жетүү, өз тиричилигин өзү кылууга, жан сактоого жароо. *Шүгүрчүлүк, жетимчелер да чоңоюп өз колу өз оозуна жетип калды* («Ала-Тоо»).

**ӨЗ КӨЗҮНӨ ӨЗҮ ИШЕНБӨӨ** Көзү көргөн нерсесине ишенүү кыйын болуу, көргөнүнө абдан таң калуу. *Окумуштуунун алдына барышканда Сатымбай өз көзүнө өзү ишенбей, таң калып турду* (Абдыраманов). *Адам өз көзүнө өзү ишенбей, айтууга сөз таба албай, арандан зорго акыл-эсин жыйды* (Борбиев). *Эми карачы, ...өз көзүңө өзүң ишенбейсиң, – деди чоң ата* (Жусупов).

**ӨЗ КӨМӨЧҮНӨ КҮЛ ТАРТУУ** Өз кызыкчылыгын көздөө, өзүнүн гана камын ойлоо, кандайдыр бир ишти, маселени өз пайдасына чечүүгө аракеттенүү, өзүмчүлдүк кылуу. *Өз көмөчүңүзгө күл тартпай, кара кылды теңдеп жарыңыз* (Жантөшев). *Ар ким өз көмөчүнө күл тарта баштады* (Медетов). *Куурай башын сындырбаган жалкоо эле, өз көмөчүнө күл тарткандан башканы билбеген өзүмчүл эле* (Жигитов). **В.: Көмөчүнө күл тартуу.** *Бир өзүмдүн көмөчүмө, Күл тартканды мен койсом* (Маликов). **Өз очогуна күл тартуу.** *Алсызын күчтүүсү үйпалап, билермандарынан калыстык кетип, ар бири өз очогуна күл тартып, ...турушкан кезде Токтогул атайын «кыргыз кыпчак эли деп, ...байыркы өткөн сандилүү адамдарын дастан кылып жайды* (Касымбеков). **Өз токочуна күл тартуу.** *– Мына ушул тапта өз токочуна күл тартып, өз максатына гана чаба турган болсо, мейли хан болсун, мейли бек болсун, мейли кара аламан болсун, журт безери, эл безери деп бааланат* (Касымбеков).

**ӨЗ КУЛАГЫНА ӨЗҮ ИШЕНБӨӨ** Уккандарына ишенүү кыйын болуу, эки анжы абалда калуу. *Жаркынай өз кулагына өзү ишенбегендей отуруп, кайра сурады...* (Абдыраманов). *Таштанбек өз кулагына өзү ишенбей, тактап сурады* (Саатов).

**ӨЗ КҮНҮН ӨЗҮ КӨРҮҮ** Эч кимдин көзүн карабай өз алдынча оокатын өткөрүү. *Апам: «Балдары өз күндөрүн өзү көрүп кетет», – дейт* (Жусупов).

**ӨЗ ПАЙДАСЫНА ЧАБУУ** Өз пайдасын көздөө, өз пайдасын көздөп иш кылуу.

**ӨЗ ТАБАГЫН ӨЗҮНӨ ТАРТУУ** Өзүнүн мамилесине жараша мамиле кылуу. *Жанатан бери сыйлуу конок болуп отурган Амankул өз табагын өзүнө тартканын эми билди* («Ала-Тоо»). **В.: Өз кашыгын өзүнө салуу.** *Анын өз кашыгын өзүнө салды. – Мейли, мейли, – деди муруту түктүйө, – биз дагы өзүнө жараша өз кашыгын өзүнө салабыз, жолдош Веребкин* (Касымбеков).

**ӨЗ ТОКОЧУНА КҮЛ ТАРТУУ** *к.* **өз көмөчүнө күл тартуу.**

**ӨЗ УБАЛЫ ӨЗҮНӨ** Айтканды укпай бирди көргөн, бир кырсыкка учураган адамга карата өзүнөн көрсүн, бирөөгө милдет кыла турган жөнү жок деген мааниде колдонулат. *Эч кимдин тилин албагандан кийин, өз убалың өзүңө балам, – деди атасы* («Ала-Тоо»). *Тилимди алсаң, сени ошого үйрөтөм, албасаң өз убалың өзүңө* (Бейшеналиев). *Экинчи ушинтип кыр көрсөтсөң, өз убалың өзүңө* (Саатов).

**ӨЗ ҮЙ, ӨЛӨҢ ТӨШӨК** Башкага тиешелүү эмес, бөлөк-бөтөнчөлүгү жок, өзүнө гана менчиктелген, өзүмдүк. *Чындыгында эле өз үй, өлөң төшөк болуп жыргап эле калдым* («Чалкан»). *Кенедей кысылбагыла, өз үй, өлөң төшөгүңөр, самап жүрүп жеттиңер* (Ашымбаев). *Жоро-жолдошторун төргө отургузуп коюп, тамаша сөздөрдөн сүйлөп салып, өз үй, өлөң төшөгүн шатыра-шатман күлкүгө толтурат* (Үмөталиев). *Чындыгында эле өз үй, өлөң-төшөк болуп жыргап эле калдым* («Чалкан»).

**ӨЗБЕКТЕР** Өзбек Республикасынын негизин түзгөн, түрк тилдүү калк.

**ӨЗГӨ** Башка, чоочун, жакын эмес, тааныш эмес. *Өзгө кишилерди бул жакка киргизип, өз туугандарды күтө тургула дегиле* (Шатманов). *Өзүмдүкү дегенде, өгүздөй кара күчүм бар. Өзгөнүкү дегенде, болор-болбос ишим бар.*

**ӨЗГӨЙ: кара өзгөй** Чыр, кыянатчыл, уятсыз, катаал, орой. *Кара өзгөй сүйлөп, калп сүйлөп, Каргыш алба оозуңа* (Осмонкул). *Кара өзгөй болбой, доо болбойт* (макал).

**ӨЗГӨЛҮК** 1. Башкалык, чоочундук, өз эместик, тааныш эместик. 2. Окшош эместик, айырмачылыгы бар экендиги.

**ӨЗГӨР** Мурдагыдай болбой башкача болуп калуу, башкача боло түшүү, өңүгүп башкача болуу. *Мыскалдын жүрөгү тыз этип, балким, ак саргыл бети да болор-болбос өзгөрүлө түштүбү* (Сыдыкбеков). *Күндөн күнгө гүл турмуш, Гүлдөп-жайнап өзгөрдү* (Осмонкул). *«Койдум курбум, мунум жаман» – дей албай, Өзгөрмөй жок жаралган түс, гүлүмдөн* (Осмонов).

**ӨЗГӨРТ өзгөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЗГӨРҮЛ өзгөр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨЗГӨРҮҮ өзгөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗГӨРҮШ** *эск.* Революция. *Кедейлерим сөзүмдү ук, Өзгөрүштө алга чык!* (Тоголок Молдо). *Өзгөрүштүн өчпөй турган чырагын, Күн чыгыштын тоолоруна жагалык* (Турусбеков).

**ӨЗГӨЧӨ** Артыкча, бөтөнчө, айрыкча. *Өзгөчө Алымкулдун кабагы ачык* (Токомбаев). *Өзгөчө кубанычтан боюм балкып, Өрөпкүп өпкө-боорум, көңүл чалкып* (Кугультинов).

**ӨЗГӨЧӨЛҮК** Бөтөнчөлүк, башкалардан айырмаланган сапат, белги. *Белектин өңүндө бир өзгөчөлүк бар экенин Сыдык эми сезди* (Жантөшев).

**ӨЗДӨШ** Өз болуп кетүү, көнүп, үйрөнүп, аралашып кетүү, кошулуп, уланып кетүү.

**ӨЗДӨШТҮР** Билүү, үйрөнүү, ээ болуу. *Кычан күн сайын үй кайтаруунун ыгын өздөштүрүп, жумушун жеңил, кызыктуу сезе баштады* (Бейшеналиев). *Адыл тырышчаактык аркасында илимди тез өздөштүрдү* (Сыдыкбеков).

**ӨЗДӨШТҮРҮЛ** **өздөштүр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨЗДӨШТҮРҮҮ** **өздөштүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗДӨШҮҮ** **өздөш** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗӨГҮ КАРАРУУ** Абдан ачка болуу, ачкалыктан кубаты кетүү. *Өзөгүң карарды го, жүр, үйгө кирчи, тамак иччи* (Саатов). *Балдардын курсагы кабышып, өзөгү карарып баратат* (Өмүрбаев). *Эми эле чай ичкенине карабастан, өзөгү карарып, кезегинде тамшанып коёт* (Байтемиров). **В.: Өзөгү караюу.** *Ат кошчулар сопоктоп жүрүп, чарчап, өзөктөрү карайып, камчылана-темине жүрүп келатышты* (Касымбеков). **Өзөгү кайрылуу.** *Ичи ысып, өзөктөрү кайрылганда сорпо жыттанган үйдөн эт аңдымай* (Осмоналиев). **Өзөгү ооруу.** *Өзөгүм ооруп кетти.* **Өзөгү үзө тартуу.** *Көкөнүн оозуна кара суу келип, өзөгү үзө тарткансыды* (Касымбеков). *...Жарытылуу наар татпаган кургурдун өзөгү үзө тартып, оозунан кара суу келет* (Бейшеналиев).

**ӨЗӨГҮ КҮЙҮҮ** 1. Бир нерсеге өтө кайгыруу, абдан капа болуу, ичи күйүү. *Өлөйүн деймин арымдан, Өзөгүм күйгөн зарымдан* (фольк.). 2. Абдан ачка болуу, тамак ичкиси келип, ичи ысып кетүү. *Өзөгүм күйүп турат, бир нерсең барбы?* **В.: Өзөгү өрттөнүү.** *Ага боорлору ооруп, өзөктөрү өрттөнүп турганы чын* (Осмоналиев). *Байымбет кезегинде бабасынын өз оозунан так укпаганына өзөгү өрттөнсө да, эшиткендерине каниеттенүүдө* (Бейшеналиев). *Сайра көз жашын тыйып, мостое калды да, өзөгү өрттөнүп бараткандай шалдайып олтуруп, оор үшкүрдү* (Саатов). **Өзөгү сыздоо.** *Муну көрүп Жамгырдын ого бетер өзөгү сыздады, эки бети түктүйүп санаадан жүдөп кетти* (Касымбеков).

**ӨЗӨГҮ ООРУУ** *к.* **өзөгү карaруу.**

**ӨЗӨГҮ ҮЗӨ ТАРТУУ** *к.* **өзөгү карaруу.**

**ӨЗӨГҮН ҮЗҮҮ** Аябай жакшы көрүп эгилип-жагылуу, ичи эзилүү. *Ал небересине өзөгүн үзөт. Өзөгү үзүлгөнчө өнтөлөп жакшы көргөн баласы ушинтип тез эле чоочун боло түшкөнүнө эненин ичи сыйрылды* (Жейренбаева).

**ӨЗӨК I** 1 Өсүмдүктөрдүн сабагынын же тамырынын ортосундагы узатасынан кеткен көбүнчө жумшагыраак келген борбордук бөлүгү. 2. Өсүмдүктөрдүн жалбырак, гүл жана мөмө алуучу негизги бөлүгү, сабагы. *Чалгы кыйган өсүмдүк өзөктөрүнүн думурлөрү учтарын соройтот* (Сыдыкбеков). 3. Ички тамак өтүүчү жолдор; ички бөлүк, ич. *Кымыз өзөктү өрттөп баратат* (Токомбаев). 4. Кандайдыр бир нерсенин ортосуна салынган нерсе же ортодогу бөлүгү. *Ашыр бургунун өзөгүн катмарга житирди* (Сасыкбаев). *Кунан өгүз терисин, Өзөк кылган булдурсун* («Семетей»). 5. *өт.* Негиз, ойдун тамыры, башкы касиет. *Бул ырлардын өзөгүндө жаштын түнүк романтикасы жатат* («Ала-Тоо»). *Өз бир тууган иниси Өзөк кылар ошо журт* («Эл адабияты»). *Өстүрбөй өздү ушинтип, Өзөгүн жулуп толгойбуз.*

**ӨЗӨК II** *туурасы:* **өсөк.** *Мына ошондон бери кайын энеси келинин батырбай койду дешип, эл оозунда өзөк сөз жүрдү* (Абдукаимов). *Чуу куйрук, чуркап өтүп кеткен чакта, Изинен өзөк, жалаа, ушак өнгөн.*

**ӨЗӨК ЖАЛГОО** Анча-мынча бир нерсе ичүү, бир аз шам-шум этүү, азыраак тамактануу. *Үчөөбүз жыйып келген нанды бир үйлүү киши чай менен ичип, өзөк жалгадык* (Элебаев). *Бир чайнек чай алып, унчукпай отуруп өзөк жалгады да, ошого каниет кылып, ошого топук кылып, кайра тышка чыкты* (Касымбеков). *Ажар менен Каныбек аталадан ичип, өзөк жалгашты* (Жантөшев).

**ӨЗӨКТӨГҮ ӨРТ** Ичти куйкалаган өтө оор кайгы. – *Айтканыңыз эп, Айыке, Өзөктөгү өрттүн өчпөсүнүн жөнү бар* (Сыдыкбеков). *Башымдагы караны алгыла! Ансыз өзөгүмдөгү өрт өчпөйт* (Сыдыкбеков).

**ӨЗӨКТӨШ** Негизи бир, түбү бир, тыгыз байланыштуу, окшош. *Табигат менен адамзат ар качан өзөктөш. Ушуга өзөктөш ойду мен бир жерден окудум эле.*

**ӨЗӨКТҮҮ** Өзөгү бар.

**ӨЗӨЛӨН** Катуу ыйлоо, кошуп өксөп ыйлоо, абдан катуу кайгыруу. *Кой эми, Каныбек! Өткөнгө өзөлөнө бербе* (Жантөшев).

**ӨЗӨЛӨНТ** **өзөлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЗӨЛӨНҮҮ** **өзөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗӨН** 1. Чонураак агын суу, дарыя, суунун сайы. *Адам кенчи, малдын жери бул өзөн, Көзгө жылуу ой-талаасы, тоо ташы* (Осмонов). *Кирген буурадай ак көбүгүн көк-*

*көбүркүп, жулкунуп жаткан көк кашка өзөн* (Абдукаримов). 2. Суунун алабы, өрөөн. *Кетмен-Төбө кең өзөн Токомдун өскөн жери экен* (Токомбаев).

**ӨЗӨНДҮҮ** Өзөнү бар, суусу бар. *Кулан-дай басып ойношкон, Өзөндүү сууну бойлошкон* (Осмонкул). *Гүл төгүлгөн жалбырак, Көк өзөндүү төрүбүз* (Тоголок Молдо).

**ӨЗӨӨРҮ өзөр** менен бирдей.

**ӨЗӨР** 1. Талуу жерге (бөйрөккө, ичке ж.б.) муштаганда же бир нерсеге катуу урунганда эси оош, талып калуу, алы кете түшүү. *Бирине келип таш тийип, Тилден калды өзөрүп.* 2. Аябай ачка болуп, алсыздануу, абдан курсагы ачып шайы кетүү. *Ичкени мытан даны жок, Өзөрүп өмүр өткөргөн* (Токомбаев).

**ӨЗӨРТ өзөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЗӨРҮҮ өзөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗҮ БИЙ, ӨЗҮ ХАН** Бардыгын өзү билген, өз каалаганындай иштей алган, өз эрки өзүндө болгон адамга карата айтылат. *Ал азыр өзү бий, өзү хан* («Ала-Тоо»). *Катынбаласынын ортосунда аны какчу бир жан жок, өзү бий, өзү хан болуп отурат* (Нурпеисов). **В.: Өзү бий, өзү бек.** *Өзү бий, өзү бек атанып, эндекей жаткан уруулардын башын бириктирип келишти* (Касымбеков).

**ӨЗҮ БИЛЕМДИК** Башкалар менен эсептешпестен, макулдашпастан, өз билгениндей иштей берүүчүлүк. *Мындайда өзү билемдиктин кереги эмне, – деп отургандар жактырган жок* («Ала-Тоо»).

**ӨЗҮ БҮТӨТТҮК** Иштин жүрүшүнө көңүл бурбай, карабай, иштиктүү киришпей таштап коюучулук. *Кээ бир чарбаларда өзү бүтөттүк орун алганы байкалат* («Чалкан»).

**ӨЗҮ МЕНЕН КЕТСИН** Жаман адаты, кылык-жоругу башкаларга тийбей, өзү менен кошо жок болсун деген мааниде колдонулат. *Андай иттик өзүң менен кетсин, экинчи мага оозанбагын, мен укпайын* («Чалкан»).

**ӨЗҮ МЕНЕН ӨЗҮ** Өз алдынча, эч ким менен иши жок. *Ошондо ал эч жанды таанывай өкүрүп-бакырып чамына берүүчү, калган убакта ал өзү менен өзү* («Ала-Тоо»).

**ӨЗҮ ТОЙСО ДА, КӨЗҮ ТОЙБОО** Өзүндөгү болгондорго алымсынбай канеит кылбай дагы алсам, жутсам деген ниет менен сугун артуу. *Ач көз өзү тойсо да көзү тойбойт, бирөөгө көз артканын койбойт* (фольк.). *Көргөндүн үстүнө көрсөм деп, дагы алкы бузулуп, талабы, каалоосу күчөп, өзү тойсо да көзү тойбой кетер деймə?!* (Касымбеков).

**ӨЗҮМДҮК** Коомдук эмес, жеке бир адамга тийиштүү, менчик. *Өзүмдүк үй. Өзүмдүк кой-эчки.*

**ӨЗҮМСҮТ** Өз кишиси, жакыны катарында көрүү, өз, жакын кишиси деп эсептөө.

**ӨЗҮМСҮТҮҮ өзүмсүт** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЗҮМЧҮЛ** Өз керт башынын гана камын ойлоочу, өзүнө, өз пайдасына көбүрөөк тарткан. *Эмгексизди, Жалкоону, Өзүмчүлдү, Керилген төрөчүлдү, дагы көп ушундайды өлгөнчө жек көрөмүн!* (Элебаев).

**ӨЗҮМЧҮЛДҮК** Өз керт башынын камын ойлоочулук, өзүнө тартуучулук.

**ӨЗҮН ЖАНГА ТЕҢЕБӨӨ** Өзүн башкалардан акылдуу сезүү, жогору көрүү. *Ал өзүн өзү акылдуу көрүп, өзүн жанга теңебеди* (Абдукаимов).

**ӨЗҮН ЖОГОТУП КОЮУ** Кандайдыр бир оор иштен, кабардан улам дендароо боло түшүү, эмне кыларын билбей калуу. *Чал кулак салбады, укпады, ал өзүн жоготуп койгон эле* («Ала-Тоо»). *Акылбек өлүктү карап турду да эмне дээрин билбей өзүн жоготуп койду бир паска* (Жусупов). **В.: Өзүн жоготуу.** *Ал өзүн таптакыр жоготкондой, шалдырай ордунан турду* (Абдукаимов).

**ӨЗҮН КАЙДА КОЁРУН БИЛБӨӨ** *к.* **өзүн коёрго жер таппоо.**

**ӨЗҮН КАРМОО** Сабырдуулук, токтоолук кылуу, өзүн-өзү токтотуу. *Анан өзүмдү өзүм кармап, зыңгырап бой көтөрүп, сыртымды салгамын* (Абдукаимов). *Ансыз да кыйынчылыкка башын байлап бараткан жигиттин алдында өзүн кармоого тырышты* (Нурпеисов). **В.: Өзүн колго алуу.** *Өзүмдү колго алгандан көрө, колума мылтык алганым жакшы* (Тойбаев). *Өзүн колго алган Чокон, «Сабырбек агай!» деп кыйкырып жиберүүдөн өзүн араң токтотуп калды* (Абдыраманов).

**ӨЗҮН КОЁРГО ЖЕР ТАППОО** 1. Бир жери катуу ооруп, жаны жай албай алдастоо, чабалактоо, кыйналуу. *Айнагүлдүн ичи ооруп, өзүн коерго жер таппай, курган кыздын чыйпыйы чыкканда, үйдөкүлөр конокту унутуп коюшту* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерседен катуу коркуп жан аргасын издөө, же кыйын учурдан чыга албай айласы кетүү, аргасы түгөнүү. *Мен өзүмдү коерго жер таппай жан соогалап, бакыра терезени көздөй качтым* (Жантөшев). *Санаасы тынчыбай, өзүн коёрго жер таппай турган Төлөмүштүн жөн-жайын сезди* (Бердикеев). *Жаныбектин өңү кумсарып, өзүн коерго жер таппай аркы-терки баса баштады.*

**ӨЗҮН КӨРГӨЗҮҮ** Өзүн таанытууга аракет кылуу (көбүнчө жакшы сапаттары боюнча). *Берметтин алдында өзүн көргөзгүсү келгендей болуп, жантыгынан жата калып жатканын Бермет түшүнгөн жок* (Абдукаимов).

**ӨЗҮН ӨЗҮ БИЛИП, ӨТҮГҮН ТӨРГӨ ИЛҮҮ** Каалаганын жасоо, эч ким менен эсептешпей бардыгын өз билгениндей иштей берүү. *Жашырбай так айтканда, тартип солгундап, тартипсиз адамдар өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип жүргөн. Эмитен «өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илгенин» көр ой мунун! – Жаңыл энесинин жемесин аягына чейин уккан жок* (Медетов). *Балам, дагы өзүңдү өзүң билип, өтүгүңдү төргө илүүчү болбогун* (Тойбаев).

**ӨЗҮН ӨЗҮ УНУТУУ** Бир нерсеге өтө берилгендиктен башка нерселерге көңүл бурбай, эч нерсе сезбей калуу. *Анан бир маалда аңгеменин таасирине кадыресе арбала баштайбыз да, өзүбүздү өзүбүз унутуп калабыз* (Жигитов).

**ӨЗҮН ТОКТОТО АЛБОО** Жеңилип кетүү, ачууга алдыруу, сабырдуулук кыла албоо. *Өзүмдү токтото албайм, акыры үмүт үзүп, турмуштан кече жаздап токтойм* (Эшмамбетов).

**ӨЗҮНӨ КЕЛЕ АЛБОО** Эс-учун жыя албоо, дендароо абалда болуу. *Мен ансыз өзүмө келе албайм* (Борбиев). *Бир топко чейин Айша өзүнө келе албай жүрдү* (Мырзаев).

**ӨЗҮНӨ КЕЛҮҮ** Эс-учун жыйып, кадимки абалына келүү. *Эки сааттан өтүп барып анан өзүнө келгенсиди* (Мырзаев). *Акырындап барып өзүмө келдим.* (Бердикеев). *Бу маалда жана Калый эже менен кер-мур айтыша кеткен Даадый ачуусу тарап, өзүнө келе элек болчу* (Егиналиев). *Ийи, бая эле ушинтпейсиңби, эми өзүңө келдиң!* («Чалкан»).

**ӨЗҮНӨН КАЛСЫН** Жардам бердим, акыл айттым, алардын өтөсүнө чыга албаса, күнөө өзүндө, өзүнөн көрсүн деген мааниде колдонулат. *Алдынан бир өтөлү, эгер болбосо, иттик өздөрүнөн калсын* («Ала-Тоо»).

**ӨЗҮНЧӨ** Башкалардын жардамысыз, өз алдынча, өз бетинче. *Бир карыя таң азандан кобурап, Көчөттөрдү тигип жүрдү өзүнчө* (Токомбаев). *Ашыр аке акырларга саман салып өзүнчө кобурады* (Убукеев).

**ӨЗҮНЧӨ ТҮТҮН БУЛАТУУ** Өз алдынча турмуш-тиричилик өткөрүп, үй-бүлө күтүп, оокат кыла баштоо. *Өзүмчө түтүн булатышым керек эле* (Абакиров).

**ӨЙДӨ** Жогору, жогору жак, ылдыйдын карама-каршысы. *Акман кетменин мындай коюп өйдө болду* (Сыдыкбеков). *Чолпонбай кемер жараңка менен тике өйдө чуркап жөнөдү* (Жантөшев) . *Өйдө тартса – өгүз өлөт, ылдый тартса – араба сынат* (макал). 2. Чыгыш жөндөмөдөгү сөздөрдөн кийин келип, ошонун, ошол нерсенин өзү кошулуп эсептеле тургандыгын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Малчылардын кийимдеринен өйдө шайма-шайланган* (Байтемиров). *Кулагынан өйдө кызара түштү да, мурдун шуу тартып алды* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Айырмасы, сапаты ж. б. жогору. *Гүлнардан бычак сырты өйдө тургандай болот* (Сыдыкбеков). *Мылтыгым Ак келтеден миң эсе өйдө* (Үмөталиев).

**ӨЙДӨ КАРАБОО** Каяша кылбоо, сөзүнө сөз кайтарбоо, ызат кылып сыйлап туруу. *Дале мунун бир кишиге өйдө караганын көрө элекмин* («Ленинчил жаш»). *Анын сыпайы жүрүм-турумун, бирөөгө өйдө карабаган мүнөзүн кыйла кыздар жактырат* (Ашымбаев).

**ӨЙДӨ КАРАГЫС КЫЛУУ** 1. Абдан уят кылуу, элди карай албай тургандай, баш көтөрө албагандай кылып маскаралоо. *Карган жесир катын! Мени өйдө карагыс кылдыбы? Күрүчбекке шермендем чыкпадыбы! Эмнеге бардым* (Осмоналиев). 2. Баш көтөргүс, кайрып кеп айткыс кылып катуу жазалоо, мизин кайтаруу. *Каардуу кайнененин максаты Батыйнаны өйдө карагыс кылуу* (Сыдыкбеков).

**ӨЙДӨ КАРАТПОО** Сөз айттырбоо, унчуктурбоо, сүйлөтпөй өкүмдүгүн көрсөтүү, тынсынуу. *Өткүчүдөй өнөр күтсө, өйдө каратмак эмес окшойт* (Ашымбаев).

**ӨЙДӨ-ТӨМӨН** 1. Жогору, ылдый баса берүү, жогору чыгып, ылдый түшө берүү. 2. Көңүлгө туура келбеген, жаман сөздөрдү айтуу. *Өйдө-төмөн.*

**ӨЙДӨ-ЫЛДЫЙ АЙТЫШУУ** Жаман-жакшы айтышып, анча-мынча кыжылдашып, араздашып калуу. *Эрди-катын болгон соң, өйдө-ылдый айтышат да.*

**ӨЙДӨДӨ ӨБӨК, ЫЛДЫЙДА ЖӨЛӨК** Таяныч болор, бел кылар, ар дайым жардамы тиер киши. *Ал үчүн өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болор таяныч керек эле* (Каимов). *Өйдөдө болсо өбөк, ылдыйда болсо жөлөк боордошторунун дегенин илик албады* (Бейшеналиев).

**ӨЙДӨЛӨ** 1. Жогорулоо, улам өйдө, бийигирээк чыгуу. *Эх, техник мырзалар! Өйдөлөп баратасыңар. Кийин өстөнүбүздөн суу чыкпай коюп жүрбөсүн!* (Сыдыкбеков). *Төргө өйдөлөп отурсаңыз. Аркандын учун белине байлап тартып, акырындап өйдөлөй баштады* (Бектенов). 2. Мурда белгиленген чектеги санды дагы көтөрүү, жогорулатуу. *Инфляцияга жараша окуунун төлөм акысы да өйдөлөйт.* 3. *өт.* Кызматы жагынан жогорулоо, жакшы, чоң кызматка көтөрүлүү, чоң кызматта иштөө, кадыр-баркы артуу. *Кызматы өйдөлөп, зоболосу артты* (теле берүү).

**ӨЙДӨЛӨН** Аңгекке, арыкка, ийинге ж.б. ушундай жерлерге башы өйдө боло албаган абалда жыгылып тура албай калуу. *Бубуштун тобундагы бир кулун түлкүнүн ийнине түшүп өйдөлөнүп калган* (Байтемиров). *Түшап коё берген жеринен аңгекке өйдөлөнүп өлдү* (Сыдыкбеков).

**ӨЙДӨЛӨН** **өйдөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨЙДӨЛӨНҮҮ** **өйдөлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЙДӨЛӨӨ** **өйдөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЙДӨЛӨТ** **өйдөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЙДӨЛҮК** 1. Жогорулук, бийиктик. *Мага бул жердин абасы өйдөлүк кылып жатат.* 2. *өт.* Артыкчылык, мыктылык, жакшылык, дурустук. *Сага караганда Жыпар он эсе өйдөлүк кылды.*

**ӨЙДӨЛҮШ** *диал.* Жогор жак. *Өйдөлүштө мал жокпу?*

**ӨЙДӨСҮН** Өзүн бирөөдөн жогору саноо,

өзүн бирөөдөн жогору көрсөтүүгө тырышуу. *Өтө эле тыңсынып, өйдөсүнүп, өтө эле акылдуусуна берчү эмес* (Сыдыкбеков). *Өйдөсүнүп не керек, Өз колунан келбесе* (Осмонкул). *Анткени, Фудзиямага чыксаң дагы, Эч кимге өйдөсүнүп көргөн жоксуң* (Гамзатов).

**ӨЙДӨСҮНТ өйдөсүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЙДӨСҮНҮҮ өйдөсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЙДӨСҮНҮШ өйдөсүнүү** менен бирдей.

**ӨЙДӨШ** Өр, тик. *Өйдөшкө карап кетти.*

**ӨЙДҮК-СӨЙДҮК (өөдүк-сөөдүк)** Туура эмес, калп-чыны аралаш, орунсуз сүйлөө, орунсуз иш кылуу. *Өйдүк-сөйдүк сүйлөгөндү койсоңчу, уулум* (Сыдыкбеков).

**ӨЙКӨ** 1. Дененин бир жери кысылып же катуу нерсеге тийүүдөн сүрүлүү, сүрүлүп жооруп кетүү; өйүү. *Кишен колун өйкөп, билектеринен кан акты* (Бөкөнбаев). *Чылгый чарыгы кургаган сайын бутун кыса баштап, жолго жеткенде бутун өйкөп жоорутуп жиберди* (Убукеев). 2. *өт.* Кандайдыр бир жагымсыз иштен улам санаа тартуу, беймаза болуу, тынчсыздануу, тынчы кетүү, жүрөгү түпөйүл болуу. *Мен жалгыз калдым. Бир адамдын колунан эмне келмек? Бул дагы жүрөгүмдү өйкөдү* (Таштемиров).

**ӨЙКӨЛ өйкө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨЙКӨН өйкө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨЙКӨӨ өйкө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЙКӨТ өйкө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЙКӨШ өйкө** этишинин кош мамилеси.

**ӨЙҮ өйкө** менен бирдей. *Жаңы алган туфлисинин апкыты согончогун өйүп, баскан сайын кыжаалат кыла берди* («Агым»). *Мына бул көрүнүш Кумуштун жүрөгүн өйүй баштады* (Жантөшев). *Сөздү кандайча баштоо керек, менин көкүрөгүмдү ушул маселе өйүдү* (Таштемиров).

**ӨЙҮЗ** Суунун, өзөндүн ж.б. экинчи жак маңдайы, бир жак жээги. *Күндүн нуру капчыгай ичине төгүлүп, кыя жолдун эки өйүзүндөгү кызыл-тазыл гүлдөрдүн көркүнө жан киргизди* (Байтемиров). *Аркы өйүздөн кез-кез иттин үнү угулат* (Жантөшев). *Көчөнүн эки өйүзүндө кырка тигилген теректер.*

**ӨЙҮЗ-БҮЙҮЗ** Суунун, өзөндүн ж.б. эки жак жээги, маңдай-тескей тарап. *Кара-Суунун боюнда өйүз-бүйүз калың дарак* (Каимов). *Өйүз-бүйүз туралы, Бирөөбүзгө бирөөбүз Аябай найза уралы!* («Эр Төштүк»).

**ӨЙҮЗГҮ** Маңдайкы, өйүз жактагы, маңдай жактагы. *Көзүн тикирейтип өйүзгү тарапты карап калыптыр. Биздин айыл чоң жардын өйүзгү жагында эле* (Абдукапаров).

**ӨК** Өкүнгөндө, кайгырып-капаланганда ички сезимди билдире турган сөз. *Өк деп үшкүрүп алды, камчынын башы менен жер чукуп* (Касымбеков).

**ӨКМӨТ** 1. Мамлекеттин башкаруу жана аткаруу бийлигинин жогорку органы. *Өкмөт кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес* (макал). 2. *сүйл.* Бийлик. *Бардык ишти жана өкмөттү колго алуу эр азаматтын милдети эмеспи* (Жантөшев).

**ӨКМӨТТҮК** Өкмөткө таандык, өкмөт тарабынан жарыяланган, өкмөт тарабынан белгиленген. *Өкмөттүк билдирүү. Өкмөттүк сыйлык.* 3. *өт.* Чоң кызматкер. *Кызым орто мектепти бүтсө, анан жогорку окуу жайын бүтүрүп, бакыйган бир чоң өкмөт болсо* («Чалкан»).

**ӨКМӨТЧҮ** *сүйл.* Кызматта иштеген киши; кызматчы, бийликтин өкүлү. *Жанына тапанча байланган Чотур Коңкатаев деген райондогу бир өкмөтчүнү өзүң билесиң* (Сыдыкбеков).

**ӨКӨӨ** *туурасы:* **экөө.**

**ӨКСӨ** 1. Буркурап-боздоп ыйлоо, боздоо, катуу ыйлоо. *Эркин өксөп-өксөп жиберип токтоду* (Жантөшев). *Уулбала эки колу менен бетин басып өксөп олтура калды* (Токомбаев). 2. *өт.* Катуу ызылдоо, улуп-уңшуган үн чыгуу. *Өксөгөн бороон, сөөктөн өткөн аяз* (Токомбаев). *Өксөп улуп ышкырат, Кумду чачат тырмалап* (Токомбаев).

**ӨКСӨӨ өксө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКСӨТ өксө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКСҮ I** Жетише бербегендик, кем болгондук, кемип, жетпей тургандык. *Кашаң карагерин сылап-сыйпап жайдыр-кыштыр жемден өксү кылбай багат* (Бейшеналиев). *Өткүр кайрат, өкүм күч, Ушулбу өксүп калганың* («Курманбек»). *Махабат отун өксүтүп, максатка жетпей калсак да* (Садырбеков).

**ӨКСҮ II өксө** менен бирдей.

**ӨКСҮК** Жетишсиздик, кемдик, өксүгөндүк. *Совхоздо турак үй курулушу өксүк экени өзүңүздүн оюңузда барбы?* (Чалкан»). *Өксүк менен келатам Өмүрүмчө басынып* (Токтогул).

**ӨКСҮТ өксү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКСҮҮ өксү** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКТӨ** Орундалбаган доо, ишке ашпаган тилек, өкүттө калгандык. *Өзү келип сүйлөшүп, Өктөсү жок узатсын* («Курманбек»). *Мен турмушка сараң ач көз эмесмин, Өктө кылып, ай, аз бердиң дебесмин* (Осмонов).

**ӨКТӨЛӨ** Бирөөгө таарынуу, оюндагысындай болбой калган ишке капалануу. *Сен эмне эле өктөлөп калгансың* (Карасаев).

**ӨКТӨЛҮҮ** Толук канааттанбаган, ичинде таарынычы калган. *Өктөлүү болбой, өбүшүп узагыла* (Алымбеков).

**ӨКТӨМ** Мамилеси, мүнөзү өткүр, шар, өкүм. *Бут байларды кедейлерге жыйнатып,*

*Жоёт элем багынбаган өктөмүн* (Токомбаев). *Көктөм ырдын өктөмүн айт, жуугун айт, Өткөн жылдын жалбырагын түшүргөн* (Белеков).

**ӨКТӨМДҮК** Өкүмдүк, өткүрлүк, атырылган мамиле, мүнөз, сапат, үстөм болуу аракети.

**ӨКТӨМСҮ өктөмсүн** менен бирдей.

**ӨКТӨМСҮН** Өктөмдүк кылуу, өктөм сыяктуу көрүнүүгө тырышуу.

**ӨКТӨМСҮНҮҮ өктөмсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКТӨМСҮНҮШ өктөмсүн** этишинин кош мамилеси.

**ӨКҮЛ** Белгилүү мамлекеттин, мекеменин, топтун же адамдардын кызыкчылыгын көздөөчү же ошолор тарабынан жиберилген киши. *Ат-Башы районунун малчыларынын өкүлдөрү Кочкор районуна келишти. Ар бир элдин өкүлү, Айтып өттүм удаасын* (Үсөнбаев).

**ӨКҮЛ АТА, ӨКҮЛ АПА** Уулу үйлөнүп, кызы турмушка чыкканда, алардын ата-энеси өзүлөрүнүн жакшы санаалаш адамдарынан уул-келинине, кыз-күйөө баласына көз сала жүрсүн, алардын жашоо-турмушуна кайрылышсын, эки куданын ортосуна өкүл болсун деген ой-максатта шайлаган адамдар. *Өкүл ата өз ата, өсө берсин кайната. Өкүл эне өз эне, өсө берсин кайнене. Айдарлардын үй тоюна өкүл аталары тай жетелеп, кийит-кечесин, таттуу-тамегин алып абдан жакшы келишти* («Кыргызстан маданияты»).

**ӨКҮЛ БАЛА, ӨКҮЛ КЫЗ** Өкүл ата, өкүл энеге уул-кыз болгон үйлөнгөн үйлүү-жайлуу балдар. *Асылкан эне өкүл кызыныкына жентектеп барып келди.*

**ӨКҮЛДҮК** Өкүлдүн абалы, укугу жана милдети.

**ӨКҮЛЧҮЛҮК** 1. Өкүлдүк укугу, милдети жана аны аткаруудагы ыйгарымдуулугу, абалы, иши. 2. Башка өлкөнүн, элдин ыйгарым укукка, ишенимге ээ атайын мекемеси.

**ӨКҮМ I** Бир нерсеге карата чыгарылган кандайдыр бир иш боюнча аткарылышы милдеттүү болгон бүтүм, буйрук иретиндеги чечим, жыйынтык; иш каралгандан кийинки соттун чечими. *Өзүм бүгүн жол чалам, Өкүмүм угуп отургун* («Эр Табылды»). *Кечээ күнү Мааты, Адыл, Жумаларга сот өкүмү болду* (Жантөшев). *Өкүм алат колуңдан* («Манас» С.О.). *Өкүмү болбой өнүкпөйт, башчысы болбой маарыбайт* (макал).

**ӨКҮМ II** Өктөм, өткүр, жоош эмес, атырылган, курч. *Өкүм болмок – өзүңдөн, сылык болмок – сөзүңдөн* (макал).

**ӨКҮМ СҮРҮҮ** Орноо, улануу. *Эл ичинде бейпилдик өкүм сүрөт* (Сыдыкбеков).

**ӨКҮМАТ** *туурасы:* **өкмөт.** 1. Бийлик. 2. Мамлекет. 3. Бийлик адамы. *Өкүматын кылбайбы* («Манас» С.О.).

**ӨКҮМДАР** Бийлик ээси, башкаруучу, мансап ээси. *Өкүмдардын сураганы – буйрук кылганы. Мейли, турайын ордоңдо. Бирок, башыңа жүк болом го* (Касымбеков).

**ӨКҮМДҮК** Өкүм мүнөз, мамиле, мүнөзү өткүрлүк, курчтук. *Куру өкүмдүк не пайда, Өз күчүңдү мелжеп ал* («Манас»). *Тулпар сындуу мал экен, Жүрөгүндө кара жок, Өкүмдүгү бар* экен («Семетей»).

**ӨКҮМДҮҮ** 1. Колунда бийлиги бар. *Өкүмдүүлөр жыйылып, Өңкөй улук бардары* («Манас»). 2. Өкүм иретинде, буйрук иретинде. *Өкүмдүү айткан жардыгың, Өз башың үчүн камбылың* («Чалкан»).

**ӨКҮМСҮ** 1. Өкүм сыяктуу, колунда бийлиги бар адам көрүнүүгө аракет кылуу. Өткүрсүнүү, кыйынсынуу. *Бир беттешип көргөндө, Өкүмсүп өзү кол салды* («Эр Табылды»). *Өкүмсүгөн фашистти, Өткөрө кууду чегинен* («Кыргыз фольклору»).

**ӨКҮМСҮН өкүмсү** менен бирдей.

**ӨКҮМСҮНҮҮ өкүмсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКҮН** Кандайдыр бир жагымсыз иш, окуя ж. б. болуп кеткенине кейиште болуу, кейип калуу. *Өткөн ишке өкүнбө* (макал). *Ашыр өкүнө күрсүнүп, чырагын колунан алчу* (Сасыкбаев).

**ӨКҮНТ өкүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКҮНҮҮ өкүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКҮНҮЧ** Кейиш, өкүттө калуучулук, кайгыргандык, кабыргасы кайышкандык, өкүнгөндүк. *Өкүнүч салбай адамга, Өмүр өтпөс болсочу* (Бөкөнбаев).

**ӨКҮНҮЧТҮҮ** Кейиштүү, өкүнүчү бар. *Эми өзү ичтен кыңкылдап, өкүнүчтүү ырдап олтурат* (Сыдыкбеков). *Ачуу-таттуу өкүнүчтүү кыялдар, Бир далайга чубалжыды башымда* (Токомбаев).

**ӨКҮР** 1. Өңгүрөп, катуу үн салуу (бука. топоз жөнүндө); катуу өңгүрөп мөөрөө. 2. Бакырып кыйкыруу, катуу чамынып кыйкыруу. *Өкүргөндөн бакырып, Көкдөө чыкты чамынып* («Эр Төштүк»). 3. Өлгөн адамга үйдө өлүгү жаткан кезде же өлүгү көмүлгөнүнө көп убакыт өтө элек мезгилдин ичинде, эскерген сөздөрүн айта жоктоп үн чыгаруу, ыйлап келүү (эркектер жөнүндө). *Чар тараптан эл өкүрүп келип, Бектендин үйүн кайгынын кара булуту каптады* (Байтемиров).

**ӨКҮРӨҢ: өкүрөң этүү** *же* **өкүрөң атуу** Дөңкөндөп ыгы жок чуркоо (уй, торпок, бука жөнүндө). *Өкүрөң атып келатса, Уйдун көркү сайгакта* («Мендирман»).

**ӨКҮРӨҢДӨ** 1. Өкүрөң-өкүрөң этип чуркоо, басуу. *Өгүз минип өкүрөңдөгөн балдар кетип баратат* («Эр Табылды»). 2. *өт.* Жөнү жок эле урушуп, тилдеп кирүү. *Сен мага эмне эле өкүрөңдөп калдың, дайны жок өкүрөңдөбө.*

**ӨКҮРӨҢДӨӨ өкүрөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКҮРӨҢДӨТ өкүрөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКҮРӨНДӨШ өкүрөндө** этишинин кош мамилеси.

**ӨКҮРТ өкүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКҮРҮК** 1. Өңгүрөп катуу чыккан үн, катуу мөөрөгөн үн. *Анча көп өтпөй буканын мөөрөгөн өкүрүгү тиги өйүздөн угулду* (Турсунов). 2. Бакырык, кыйкырык, чамынып албууттанып, жинденип, кыйкырып бакыргандык. *Шамырбектин айылы тараптан жер дүңгүрөткөн өкүрүк чыкты* (Жантөшев). *Казанчынын үйүнөн өлүмдүн кабары – өкүрүк угулду* (Токомбаев). *Акмат тебетейи менен жер сабап өкүрүп калды* (Саспаев). 3. Бакырып-өкүрүп ыйлагандык, өңгүрөп боздоп кыйкырып ыйлагандык. Өлгөн кишиге өкүрүп баргандагы чыккан үн, ызы-чуу. *Өөдө-төмөн туйлады, Чалкуйруктун айынан Өкүрүк салып ыйлады* («Эр Төштүк»). *Бейитин көрүп алыптыр, безилдешип кырк жигит, өкүрүктү салыптыр* (фольк.).

**ӨКҮРҮК-БАКЫРЫК өкүрүк** менен бирдей, кош сөз.

**ӨКҮРҮҮ өкүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКҮРҮШ өкүр** этишинин кош мамилеси.

**ӨКҮТ** Өкүнүч, арманда калуучулук. *Анда өмүрдү өкүттө өткөрүп, калың жолоочу сандалат* (Сыдыкбеков). *Ойлонбой туруп макул деп, өкүттө калба кулунум* (Калык).

**ӨКЧӨ I** 1. Чүкө оюнунда чүкөнү кондуруу максатында үйүрө ыргытуу, калчоо. *Өкчөп койсом ат болгон, Алтын сакам кошо бар* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Толук өз бийлигинде алып жүрүү, оюндагыдай баш ийдире кармоо. *Армандуу атам Көкчөнү, Жашында Манас өкчөдү* («Семетей»). *Жүрөгүмдө жүткүнөм да, өкчөлөм, жүз арчымдай жүдөп, оңуп кеткен өң* (Култегин).

**ӨКЧӨ II** Бут кийимдин такасы, таканын бийиктелген бөлүгү. *Наалысы алтын жез өкчө, Айдаркандын баласы. Ала көөдөн эр Көкчө* («Манас»). *Өтүгүнүн өкчөсү Жаркыраган жакут таш* («Манас» С.О.). *Көк өтүгү өкчөсү* («Семетей» С.К.).

**ӨКЧӨЛ өкчө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨКЧӨЛҮҮ** Такалуу. *Үстүнө акылдуу, мээримдүү каныша чын жүрөгүнөн, ак дилинен жарылып, изги тилекте уздун-узуна тиктирип, күн мурунтан беленден койгон саймалуу кош этек ак көйнөктү, кызыл кымкап китени, башына шөкүлөнү, бутуна өкчөлүү ак өкчөнү кийгизишти* (Субанбеков).

**ӨКЧӨМӨК** Эки киши чүкөнү өкчөп, бөк түшүргөнү, ута турган белгилүү эрежелери бар чүкө оюну. *Сакаларды өкчөмөк үчүн чогултуп колуна топтогондо, тигилип турган чүкөлөрдү «чүр» деп Мамбет жыйып алды* (Сыдыкбеков).

**ӨКЧӨӨ өкчө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨКЧӨТ өкчө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨКЧӨШ өкчө** этишинин кош мамилеси.

**ӨЛ I** Чийки, суу, ным, иштетилбеген, ийленбеген (тери жөнүндө). *Өл тери.* Суу, нымдуу, шалбырақ. *Өлчүлүк алды жайымды, Билбейсиң менин алымды* (Барпы). *Өл отун экен, таптакыр эле күйбөй койду.*

**ӨЛ II** 1. Жашоосу токтолуу, каза болуу, көзү өтүү, жок болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Тирүүмдө атагым кандай болсо, Өлгөндө атагым ошондой болсун* (Токомбаев). *Кол куушуруп баш ийбей, Койгулашып өлөбүз!* («Манас»). 2. *өт.* Катуу уят болуу, сөзгө сынуу. *Жакының болсо ичкичтен, Уялып элден өлөсүң* (Шүкүрбеков). 3. *өт.* Пайдасы жок болуп өтүү, куру бекерге кетүү, бошко кетүү, сая кетүү. *Бүгүнкү күнүм бөөдө өлдү.* 4. Жандилинен берилүү, кумарлануу. *Көкбөрү десе өлгөн журт, көкбөрү тартып көнгөн журт* (фольк.).

**ӨЛ АЛУУ** Өзөк жалгоо. *Козуларга упчу менен сүт берип, бир аз өл алдырдык.*

**ӨЛБӨ ЖАНЫМ, ӨЛБӨ ДЕП** Эптеп-септеп, ырмайып-чырмайып, арандан зорго. *Өлбө, жаным, өлбө деп, өлгөндөн калганыбыз эптеп жеттик* (Элебаев). *...Эптеп өлбө, жаным, өлбө деп кайра самсыган элдин сабында Ашырбек баратты* (Ашымбаев).

**ӨЛБӨГӨН ЖЕРДЕ КАЛУУ** Аябай кармашуу, мүмкүнчүлүгүнүн болушунча, алынын жетишинче катуу таймашуу. *Булар согушту көрө элек, дыр коюп качып беришеби же өлбөгөн жерде калып беришеби?* (Абдукаримов). *Мага айт ким урса да. Өлбөгөн жерде калышайын аны менен...* (Мырзаев). *Берметти качырмак турсун, өлбөгөн жерде кала турган кыз экен* (Абдукаримов).

**ӨЛБӨГӨН ТӨРТ ШЫЙРАГЫ КАЛУУ** Абдан катуу уят болуу, жети өмүрү жерге кирүү, уялганынан баш көтөрө албай калуу. *Зуннахундун таарынычменен айткан сөздөрүнө Түлкүбектин өлбөгөн төрт шыйрагы калган сыяктанды* (Жантөшев). *Борбук молдонун өлбөгөн төрт шыйрагы калды белем, бир кызарып, бир бозоруп, күрөө тамыры да көбө түштү* (Баялинов). *– Бул жерде башканын атын аташпай, туштуштан ушинтип кыйкырышканда Калыйчанын өлбөгөн төрт шыйрагы гана калган* (Медетов). **В.: Өлбөгөн төрт саны калуу.** *Токтогул бөлөк жактан келип отурган кишилердин көзүнчө өлбөгөн төрт саны калып, ооз ачса эле тиги дагы жаман кеп ырбата турган, мыңк эте албай отуруп калды* (Касымбеков). *Султанмурат бектин өлбөгөн төрт саны калды* (Касымбеков).

**ӨЛБӨС-ӨЧПӨС** Унутулгус, эстен чыккыс.

**ӨЛБӨСТҮН КҮНҮН КӨРҮҮ** Эптеп-септеп жан багуу, эптеп оокат өткөрүп, жан баккан болуу. *Бир убактагы азуусун айга жаныган жигит эми минтип өлбөстүн күнүн көргөн бир абышка болуп калды* («Кыргызстан маданияты»). *Элге айткыла, быякта ачарчылык, жатарга жай жок, эптеп өлбөстүн күнүн кө-*

*рүп жатабыз, – деген маалыматты билгизген* (Ашымбаев). *Бышкан алча менен борсуган алмаларга курсагын кампайтты, иши кылып, өлбөстүн күнүн өткөрүп жүрдү* (Абдыраманов).

**ӨЛГӨНДҮ КҮЛДҮРГӨН** Абдан куудул, жеткен тапан, аябагандай тамашакөй. *Абдан эле жаш кезим. «Өлгөндү күлдүргөн куудулдар» деген кепти эшиткенимде: Ии, өлгөн кишини күлдүрчү кыйын бар тура» деп делдейет элем* (Сыдыкбеков).

**ӨЛГӨНДҮН ҮСТҮНӨ КӨМГӨН КЫЛУУ** Ого бетер оор абалга дуушар кылуу, ойронун чыгаруу, мурдагысынан беш бетер кылуу. – *Тиги өлүгүңдү өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбай ордунан козгобойсуңбу?* (Каимов). *Эл нары дуулдап, бери дуулдап, «кой», өлгөндүн үстүнө көмгөн кылбайлы» дешип, көбү мурдагы жедирген мал-мүлкүнөн ошол жыйын үстүндө эле кечип жиберишти* (Касымбеков). *Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, ушулардыкы өттү* (Байтемиров).

**ӨЛГӨНҮНДӨ КҮЛ** Ары жок, дайны жок күлгөн адамды урушкан сөз. *Ылжактап да күлүп коёт, өлгөнүңдө күлгөн кысталак* (Жусубалиев).

**ӨЛГҮДӨЙ** Аябай, абдан. *Өлгүдөй тоюп чандайып, Жоо сайгансып дардайып* (Шүкүрбеков). *Өлгүдөй убара болуп, Анан жатты солуп* (Шүкүрбеков).

**ӨЛГҮЧӨКТҮ** 1. Өмүр бою. *Өлгүчөктү унутулбайт.* 2. Абдан, аябай, жеткен. *Өлгүчөктү мас.*

**ӨЛГҮЧӨКТҮ** **өлгүдөй** менен бирдей.

**ӨЛДӨ** Суулоо, нымдоо, суу кылуу.

**ӨЛДҮМ-ТАЛДЫМ ДЕГЕНДЕ** Араңдан зорго, араң-араң, өтө зор кыйынчылык менен. *Чак түштө үйдөн чыккан чал өлдүм-талдым дегенде бешим ченде араң шаардын четиндеги бөксө тоого жетти* (Борбиев). *Ошентип өлдүм-талдым дегенде саанды бүтүп, сааган сүтүмдү карасам сапсары эле каймак* («Кыргызстан маданияты»). *Сөөктүн бийик ашуусун өлдүм-талдым дегенде зорго ашып, бийик бетте кыялай бастырган саякатчы алдыда* (Осмоналиев).

**ӨЛЖӨГӨЙ** Араң эле кыймылдаган, начар, алсыз. *Ал такыр эле өлжөгөй неме экен, жыргатчу түрү жок* (Рыскулбеков).

**ӨЛКӨ** 1. Белгилүү бир жер, территория, аймак, край. *Ысык өлкөлөр. Суук өлкөлөрдө жашаган айбандар.* 2. Мамлекет. *Коңшу өлкөлөр желектери желбиреп, көчө толо турист жана соодагер* (Гамзатов). *Ар бир өлкө өз өлкөсүнүн гүлдөп өсүүсүнө аракет кылуусу керек.*

**ӨЛКӨНҮҢ ӨССҮН** *к.* **өркөнүң өссүн!**

**ӨЛЛАЙ** *диал.* Баланы сооротқондо айтылуучу сырдык сөз.

**ӨЛМӨКТӨН ДОҢУЗ КОП** Эмне болсоң ошо бол, өлсөң өлө бер. *Сен өлмөктөн доңуз коп! Ат өлмөктөн доңуз копсун, тиги чал ылайым ит өлүмүн тапса экен* (Айтматов).

**ӨЛӨ АЛБАЙ ЖҮРҮП, ӨЛӨҢ АЙТУУ** Өз абалын билбей, өзүнүн ишин жөндөй албай жүрүп бирөөгө акыл айтуу, тындуусунуу. Кайша айтуу. *Өлө албай жүрүп, өлөң айтат* (Жантөшев).

**ӨЛӨҢ I** Саздак жерде өсүүчү көп жылдык ичке жалбырактуу чөп. *Өлөң чөп маалым кылат жай мезгилин* (Бөкөнбаев).

**ӨЛӨҢ II** Белгилүү муун өлчөмү бар, ыргак жана уйкаш менен курулган көркөм чыгарма; казак элинин ырынын аталышы, ыр. *«Өргүсөң өлөң айт, сууп каласың» дечү эле* (Токомбаев). *Ай четинде бир жылдыз, чолпончо бар, Жигит кетсе, кыямат болгончо бар. Кемпир кетсе, ак болот сынганча бар. Кыздар кетсе, кызыл гүл соолгончо бар* (Элдик ыр).

**ӨЛӨҢДҮҮ** Өлөң чөптүү, өлөң чөп көп өскөн жер. *Өлөңдүү жерде өгүз семирет, өлүмдүү жерде молдо семирет* (макал).

**ӨЛӨҢЧҮ** Өлөң айтуучу, өлөң аткаруучу, ырчы.

**ӨЛӨӨРҮН САНОО** Абдан кыжаалат болуу, кыйналып-кысталуу, чарчоо. *Ал эми тыйыны жанынан чыгаарда моминтип, үлдүрөп жер тиктеп, өлөөрүн санап калгандарын көр!* (Бердикеев). *Бийик чокуга кыйналып кысталып, өлөөрүбүздү санап отуруп араң дегенде жеттик* («Ала-Тоо»).

**ӨЛӨР ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ** Талуу жерине тийүү, өтө катуу таасир этүү. *Султанмурат бектин өлөр жерине тийди* (Касымбеков).

**ӨЛӨР-ТИРИЛЕРИНЕ КАРАБОО** 1. Бир нерсеге жан аябай, тартынбай катуу киришүү. *Өлөр-тирилерине карабай иштеди.* 2. Боор оорубоо, көзүнө карабоо. *Үчөө аттарынын өлөр-тирилерине карабастан, өргө карай чабышты* (Жантөшев).

**ӨЛӨРМАН** Өлөр-тирилерин билбеген, жаалдаган, абдан өжөр, өлүмтүгүн арткан. *Өлөрманга жолобой, Өзүңдү өзүң далдала* (Токтогул). *Бул өлөрман дагы бошонуп качып жүрбөсүн!* (Жантөшев).

**ӨЛӨРМАНДЫК** Өлөөр-тирилээрин билбегендик, аябай жаалдангандык, өжөрлөнгөндүк. *Ары-бери урунуп, өлөрмандыгыңды кармапай, тек жүрсөңчү* (Карыбай уулу).

**ӨЛӨРҮНӨ КӨРҮНҮҮ** Кыянатчылык, кара ниеттик жагына ооп, түз жүрбөгөн кары адамдарга карата айтылат. *Өлөрүнө көрүнсө керек, кемпирин кууп салыптыр.*

**ӨЛӨРЧӨ** Аябай, жерине жеткире. *Култеберди байлашып, Өлөрчө кылып сабады* («Мендирман»). *Өлөрчө мас.*

**ӨЛӨСӨЛҮҮ** Араң жан, начар, алдан тайган, арып-карып калган, араң эле кыймылдаган, жаны чыгайын деп эле турган, өлүм алдында жаткан. *Анын көз алдына энесинин өлөсөлүү болуп калганы элестеди* (Жантөшев). *Өлөсөлүү эки карыны кайтарып, ушул үйгө ээлик болуп жүрө береби!* (Убукеев). *Өлөсөлүү чал-кемпирде эмнең бар, эптеп өлөсөлүү күн көрүп араң жүрүшсө* (Юдахин).

**ӨЛӨТ АЛГЫР** Кыжырлануу, тилдөө маанисинде (көбүнчө уйга карата). *Өш! Өш, өш дейм, өлөт алгыр! Айдак! – деп дөбөдөн чаңкылдады* (Айтматов). *Өш дейм, алда өлөт алгыр ай! – деген Алымкулдун үнү чыкты* (Абдукаримов). *...Өлөт алгыр бир кызыл уй мөңкүп барып жүрүп бербеспи!* (Элебаев).

**ӨЛӨТ** Кандайдыр бир оорудан малдын жапырт өлүмгө учуроосу, жапырт өлүмү.

**ӨЛСӨМ СӨӨГҮМ ЫРААЗЫ** Абдан ыраазы болгондук маанисинде колдонулат. – *Айкөлүм, сизге тирүүлүктө өзүм, өлсөм сөөгүм ыраазы* (Бейшеналиев).

**ӨЛТҮР** 1. Жашоосунан ажыратуу, каза таптыруу, өлүмгө дуушар кылуу, жок кылуу. *Коёнду камыш өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт* (макал). *Элимден айдап бөлгүдөй, Эр өлтүргөн мен белем* (Токтогул). 2. *өт.* Бошко кетирүү, сая кетирүү. – *Көрчү, – деди Сүкөң мага бурулуп, – Биздин Белек секундун да өлтүрбөйт* (Токомбаев). 3. **өл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЛТҮРГҮЧ** Киши өлтүрүүчү.

**ӨЛТҮРТ** **өлтүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЛТҮРҮЛ** **өлтүр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨЛТҮРҮҮ** **өлтүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЛТҮРҮҮЧҮ** **өлтүргүч** менен бирдей.

**ӨЛТҮРҮШ** **өлтүр** этишинин кош мамилеси.

**ӨЛҮГҮҢДҮ КӨРӨЙҮН** Ачуусу келгенде аялдар тарабынан айтылуучу акарат кеп. *Өлүгүңдү гана көрөйүн жубарымбек, колума бир түшөрсүң! ...Сени элеби, сага элеби... калкалап алар Көкшун таятаң экөөңдү тең карап тур!...* (Айтматов). – *Отур былк этпей, өлүгүңдү көрөйүн көк мээ, куюшканга кыпчылбай шук отур* (Айтматов). – *Як, өлүгүңдү көрөйүн! – деп союлун шилтеп калды* (Исмаилов). **В.: Өлүк-тиригинди көрөйүн!** *О, өлүк-тиригиңди гана көрөйүн, арам ит десе. Хамилдин аялы жаалданып: өлүк-тиригиңди көрөйүн шерменде, – деп, топ элдин көзүнчө кызга качырып сала берди* («Ала-Тоо»).

**ӨЛҮК** 1. Адамдын жана башка жан-жаныбарлардын өлгөндөн кийинки денеси, сөөгү. *Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт* (макал). 2. *өт.* Жансыз, өсүп-өнбөгөн, көгөрбөгөн. *Дарыялар, Өлүк жерге жан болор, Кубат кайнап, Караңгы үйгө шам болор* (Маликов). *Өлүк талаа жан байлады, Уйкусунан ойгонуп* (Бөкөнбаев). 3. *өт.* Колунан эч нерсе келбеген, эч аракети жок, киши санында жок. *Тик басып, тирүү жүрсө да, өзүнчө жаман өлүк бар* (Юдахин).

**ӨЛҮК МАЛ** *к.* **өлүү мал.** *Калмак менен каракытайларга зээрге алмашып, ага өлүк мал алуучу элем* (Абакиров).

**ӨЛҮККАНА** Ооруканада өлүктөрдү коё турган жай.

**ӨЛҮК-САЛЫК** Өзүнчө ээн-эркин басыптургусу, иштегиси, кыймылдагысы келбей эле бош жата бергендик. *Эртеден-кечке эле өлүк-салык болуп жатасың, сыртка чыгып кичине кыймылдасаң боло* (Сыдыкбеков).

**ӨЛҮКТӨЙ УКТОО** Эч нерсени сезбей, абдан катуу уктоо. *Бу бечаранын көзү качан ачылат, тим эле өлүктөй уктайт* («Чалкан»).

**ӨЛҮКТҮН АЛАКАНЫНДАЙ** Тыйтайган, кичинекей, кенедей, жарытпагандай. *Атаң чириген бай болсо дагы өлүктүн алаканындай куучуюп зыкым болучу* (Байтемиров).

**ӨЛҮМ** Ажал; өмүрдүн, жашоонун бүтүшү. *Бирөөнүн өлүмүн тилегенче, өзүңдүн өмүрүңдү тиле* (макал). *Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт* (макал). *Өлүмдүн Сиз жолун буул токтоосуз, Өлбөй коё тура турган болсоңуз* (Акматалиев).

**ӨЛҮМ ЖАН** Такыр, эч качан, түк дагы. *Матвеевич кекечтенүү дегенди өлүм жан билбейт* (Бейшеналиев).

**ӨЛҮМ ООЗУНАН КАЙТУУ** *к.* **көр оозунан кайтуу.**

**ӨЛҮМДҮҮ** Өлүмү көп, өлүмгө көп учураган. *Малга өлүмдүү жыл.*

**ӨЛҮМСӨК** Араң жан, араң эле. *Короо тараптан сууктан корунган иттин өлүмсөк үргөнү угулат* («Ала-Тоо»).

**ӨЛҮМСҮРӨ** Алсыроо, кайраты кетүү, алы жок болуу, араң жан калуу.

**ӨЛҮМСҮРӨӨ** **өлүмсүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЛҮМСҮРӨТ** **өлүмсүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЛҮМТҮГҮН АРТУУ** Бирөөгө док урунуу, милдетин артып өжөрлөнүү, салмагын салуу. *Кудай сактасын, мен сизге өлүмтүгүмдү артпайм.* (Абдукаримов). *Кичинекей кыйынчылык болсо кыйналып иштеп, эмгек кылыштын ордуна турмушка наараазы болуп, колхозго өлүмтүгүмдү артып жатып алчумун* (Абдукаимов). – *Неге өлүмтүгүңдү артасың? Жубарымбек, отунга бар, отунга* (Осмоналиев).

**ӨЛҮМТҮК** 1. Өлүк, өлүм. *Өлүмтүккө сактаган Пулун алды басмачы* (Барпы). 2. Тарп. *Сай-сайда өлүмтүк тоодой эле, О, баягы жылдары, баягы жылдары* (Шүкүрбеков).

**ӨЛҮМҮШ БОЛУУ** Арамзалануу, билмексен болуу. *Кылаарын кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп, өлүмүш болуп калганын көр* («Ала-Тоо»).

**ӨЛҮҢКҮ** Өлүмсөк, алсыз, дармансыз абдан соолуган. *Өлөрүн санайт өздөрү, Өлүңкү турат көздөрү* («Манас»).

**ӨЛҮП КЕТЕЙИН** Бир нерсенин чын экендигин далилдөө иретинде каргануу, актануу маанисин туюндурат. *Өлүп кетейин, аксакал, өз атаман да жакшы көрөм* (Айтматов).

**ӨЛҮП ТАЛУУ** Оюндагысын орундатууга жан алакетке түшүп аракеттенүү, жан үрөө.

*Өмүр сүрсөм өнөр күтүп, ар күтүп, Өлүп-талбайм мансап, бийлик, мал күтүп* (Акималиев).

**ӨЛҮҮ I** Тирүү эмес, өлүк, өлгөн. *Өлүүбү же тирүүбү?*

**ӨЛҮҮ II өл** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЛҮҮ МАЛ** Жансыз мүлк, байлык, оокат. *Көп дүнүйөсү бар экен, Жайыттагы малынан, Өлүү малы көп экен* («Манас»). **В.: Өлүү дүйнө.** *Адамдар, эркиндикти асырагыла, өлүү дүйнөнүн кулу болбогула* (Ашымбаев). *Андай адамга өлүү дүйнө ашыкча жүк болору айдан ак го* (Ашымбаев).

**ӨЛҮҮ СӨӨК АДАМ** Чыдамкай адам.

**ӨЛҮҮ ТИЛ** Азыркы мезгилде колдонуудан чыгып калган, жок болуп кеткен тилдер.

**ӨЛҮШ өл** этишинин кош мамилеси.

**ӨЛЧӨ** Бир нерсенин оордук салмагын, көлөмүн же узундугун ченөө. *Отуз өлчөп, бир кес* (макал). *Асан эңкейип, айдалган жерди өлчөп көрсө, тереңдиги – 25 сантиметр* (Баялинов). *Тузду өлчөп татытсаң, ашыңда даам болот* (Сыдыкбеков).

**ӨЛЧӨГҮЧ** 1. Бир нерсени өлчөй турган, ченей турган аспап, бурч өлчөгүч, өлчөгүч жабдуулар. 2. Ошол жерди өлчөп, ченей турган киши, адис.

**ӨЛЧӨЛҮҮ** Чеги бар, аябай көп эмес, мерчемдештирилген, чектүү, чектелген санда, чектелген көлөмдө, белгиленген. *Ок өлчөлүү жерге тийген бейм, аяк серпкенге жарабай жатып калды* (Рыскулбеков). *Адам өмүрү өлчөлүү, аны адамча жашоо керек* (Сыдыкбеков).

**ӨЛЧӨМ** Бир нерсенин белгилүү бир чеги, чени, салмагы, ченеми, көлөмү. *Белгилүү өлчөмдө акча төлөп, бошонуп кетүүгө да акылуу* (Абдукаримов). *Анда биздин ишибиздин өлчөмү да ченемдүү эле* (Шимеев). *Ойлой келсем, ага макул эмесмин, Өз жеримди өлчөп берем эми мен* (Сарногоев).

**ӨЛЧӨМДҮҮ** Ченемдүү. *Сокого тапта быштыы кара керди, Өлчөмдүү беде жана берип жемди* (Турусбеков).

**ӨЛЧӨМСҮЗ** Ченемсиз, чексиз, болжолсуз, абдан чоң. *Тоолордун бийик чокулары өлчөмсүз көпкөк асманды тиреп тургандай сезилет* (Токомбаев).

**ӨЛЧӨН өлчө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨЛЧӨӨ** 1. **өлчө** этишинин кыймыл атоочу. 2. Өлчөм, чен, ченем. *Узундук өлчөөсү. Метр өлчөөсү.*

**ӨЛЧӨӨЛҮҮ** Ченемдүү, белгилүү, мерчемдүү. *Ок өлчөөлүү жерге тийбей кашка жиликти талкалап кеткен* (Жантөшев).

**ӨЛЧӨӨСҮ КУРУСУН** 1. Абдан, аябай, эң эле деген күчөтүү маанисинде колдонулат. *Адамдын көптүгүн айтпа, өлчөөсү курусун.* 2. Жаман, оозго алгыс, айтып болгус, айтууга мүмкүн эмес деген мааниде колдонулат. *Адам эмес экен, өлчөөсү курусун. Аны айтпай эле кой, өлчөөсү курусун, бир укмуш неме экен.*

**ӨЛЧӨӨСҮ ӨЗҮНӨ БОЛСУН** Өз башы менен кетсин, башкалар мындай ишке кабылбасын, дуушар болбосун деген мааниде колдонулат. *Анын өлчөөсү өзүнө болсун* (Токомбаев). **В.: Өлчөөсү өзү менен кетсин.** *Өлчөөсү өзү менен кетсин, аны коюп башканы айталычы* («Ала-Тоо»).

**ӨЛЧӨӨСҮЗ өлчөмсүз** менен бирдей.

**ӨЛЧӨӨЧҮ өлчөгүч** менен бирдей.

**ӨЛЧӨТ өлчө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨМ** Көп, сансыз, каптаган, жыш. *Жер кайыбы өм болгон, Алчасы чирип дөң болгон* («Манас»).

**ӨМБҮЛ-ДӨМБҮЛ** Тегиз эмес, түз эмес, өңдөн, өңгүл-дөңгүл, өңгөк-дөңгөк, өңгү-дөңгү.

**ӨМГӨК** Омуроо, омок, өмөк. *Аттын өмгөгүнө салып, суудан күч менен алып чыкты* (Сагынбаев).

**ӨМГӨКТӨ** 1. Көкүрөк жагына карай ийилген, абдан эңкейген абалда болуу. *Асан карыя өмгөктөп туруп, таягын алып, сылтып эшикке карай басты* (Токомбаев). 2. *өт.* Эртеден кечке тыным албай иштөө, бел бекчейгенче тынымсыз иштөө. *Атам экөөбүз айына элүү теңге үчүн өмгөктөп жүргөн кез эч качан эстен кетпейт* (Бектенов).

**ӨМГӨКТӨӨ өмгөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨМГӨКТӨТ** 1. **өмгөктө** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Өмгөгүнө салуу, омуроолотуу. *Деп омбутуп ат менен өмгөктөтүп койдурган* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Кысым кылуу, басым кылып шаштыруу.

**ӨМДӨ** Көптөө, каптоо, жалпы колдун душманга карай жапырт чабуул коюшу. *Калың колго өмдөтүп. Өмдөгөн жоо качырат* (макал).

**ӨМӨК** Өмгөк. *Жолдошторун аттын өмөгүнө салып көп солдат айдап келе жатат* (Жантөшев).

**ӨМӨЛ** 1. Өмгөктөй алдын карай жүткүнгөн абалда болуу. 2. Тартынбастан, көшөөрө качырып кирүү. *Өжөрлөнүп көп калмак, Өмөлүп кирди таптакыр* («Манас»).

**ӨМӨЛТ өмөл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨМӨЛҮҮ өмөл** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨМӨЛҮШ өмөл** этишинин кош мамилеси.

**ӨМӨЛЧҮ** Чабуулга коркпой кирүү маанисинде. *Өмөлчү журттан айрылып, Өлөйүн деп шак кайнап* («Эл адабияты»).

**ӨМҮР** 1. Адамдын, айбандын жана өсүмдүктүн жаралгандан өлгөнгө чейинки физиологиялык абалы. *Өмүр бизден өтүп кетсе, Эл эмгектен эскерсин* (Токомбаев). *Өмүрдүн кышы кирип келатканда сени мынча сулуу кылып неге жаратты дейм да?* (Айтматов). *Айтматовдун экинчи өмүрү – Рух өмүрү, түбөлүктүү өмүрү башталды* (Акматалиев). 2. Турмуш, тиричилик. *Адам өмүрдүн туткасы бо-*

*лот тура* (Жантөшев) *Күндөй жарык сезим болду өмүрдө, Түндөй кара тактар калды көңүлдө* (Турсунбеков).

**ӨМҮР БАЯН** Өмүрү, иштеген иштери ж.б. жөнүндөгү маалымат, кабар, автобиография. *Беш-алты сөз – бардык өмүр баяным, Калам жүрбөс, толкуну жок, ысыксыз* (Токомбаев).

**ӨМҮР БЕРСИН** Өмүрүң узун болсун, көп жаша деген мааниде көбүнчө алкоо иретинде. *Өмүр берсин, айланайын!*

**ӨМҮР БОЮ** Өмүрүнчө, өмүрүнүн акырына чейин, дайыма. *Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт* (макал). *Өмүр бою жакшылыгыңды унутпайын* (Абдукаимов). *Улуу-Чаттын тоолору, өмүр бою бетине беш тал чөп чыкпагандай кубарып турат* (Жантөшев).

**ӨМҮР КЫЛЫЧТЫН МИЗИНДЕ** *к.* **жан кылычтын мизинде.**

**ӨМҮР СҮРҮҮ** Жашоо. *Эркек-аял жар болуп, өмүр сүрсө тең кызык* (Осмонкул). *Гүлдөп өмүр сүргүлө, Эркин ойноп күлгүлө* (Турусбеков).

**ӨМҮР ШЕРИК** Жубай, колукту. *Өмүр шерик болом деп, Ошол го менин айтканым* («Эл адабияты»).

**ӨМҮРДӨШ** Өмүрү бирге, өмүрлүк жолдош (аялы же күйөөсү). *Өмүрдөш, бир көңүлдөш, Калам кашым* (Барпы).

**ӨМҮРДҮК** Өмүр өткүчө, өмүр бою, түбөлүк. *Айнектей сулуу жар болсо Өмүрдүккө сүйгөнүң* (Токтогул). *Өмүрдүк кыйышпастай жолдош болуп, Кызматы көңүлүңдү аччуларды* (Маликов).

**ӨМҮРЛӨШ** **өмүрдөш** менен бирдей.

**ӨМҮРЛҮК** **өмүрдүк** менен бирдей.

**ӨМҮРЛҮҮ БОЛ** Көп жаша деген мааниде берилүүчү бата, алкоо. – *Өлкөнүң өссүн, өмүрлүү бол, айланайын, – деди кемпир* («Ала-Тоо»).

**ӨМҮРҮ ӨР ТАЯНУУ** Жашы илгерилей баштоо, улгаю, карылыкка баш коюу. *Тилекке каршы, жашы улгайып өмүрү өр таянган, отуруп-турганда демигет* (Исмаилов).

**ӨМҮРҮ ӨЧҮҮ** Өлүү, каза болуу, тиги дүйнөгө кетүү. *Байкуш, ошентип жүрүп өмүрү өчтү.*

**ӨМҮРҮН САЮУ** *к.* **башын саюу.**

**ӨМҮРҮН СУРОО** *к.* **жашын суроо.**

**ӨМҮРҮНӨ БАЛТА ЧАБУУ** *к.* **тамырына балта чабуу.**

**ӨМҮРҮНҮН БИР ГҮЛҮ АЧЫЛБОО** *к.* **он гүлүнүн бири ачылбоо.**

**ӨМҮРҮНЧӨ** Өмүр бою, өмүрү өткөнчө; эч качан. *Өмүрүнчө бир жүргөн, Көңүлдү жазып күлдүргөн* («Курманбек»).

**ӨМҮРҮҢ УЗУН БОЛСУН** Көп жаша деген маанини түюндурган алкоо кеп. – *Өмүрүң узун болсун! Кудай жалгасын! Соол иш кылдың, ишиң оңолсун!* (Медетов).

**ӨН** 1. Уруктан, үрөндөн, тамырынан ж.б. өсүп чыгуу, өсүп чоңоюу. *Ак буудай өлбөс үрөндөн өнөт* (Сыдыкбеков). 2. Өсүү, өнүгүү, чоңоюу, көбөйүү, артуу. *Алсыз элек – өстүк, өндүк, алп болдук, Биздин совет ай-ааламдык күн менен* (Токомбаев). *Ушул жерди жердешип, Өсүп-өнгөн кыргыз эл* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Бир нерсе чыгуу, табылуу; пайда чыгуу. *Курган эне, эл кыдырат, Өнбөйт артык* (Токомбаев). *Кошуна болуп не керек, Курсагыңдын ачында, Кокон тыйын өнбөсө* (Осмонкул).

**ӨНДҮР I** Жазыраак, кокту сыяктанып кеткен жер, суу же сай бойлоп өрдөп кеткен өрөөн. *Тоонун өндүрүн көздөй кеткен чыйыр жолго түшүп, бир атчан келе жатат* (Сасыкбаев). *Суудан чыгып жайылып, Өндүр, өндүр сай менен Төш жөлөнүп жабылып* («Эр Табылды»).

**ӨНДҮР II** 1. **өн** этишинин аркылуу мамилеси. *Айшакан бозо салганга угуттук деп буудай өндүрдү. Аркасынан алты ай жүрүп араң дегенде карызымды өндүрдүм* («Чалкан»). 2. Иштеп чыгаруу, эмгектенип, белгилүү бир натыйжага жетишүү. – *Бул коргошун эмес, чоюн деген ушул болот. Заводдон адеп өндүрүп чыгарганда тетигиндей келки-келки уютулган эмелерди жиберет* (Таштемиров). *Ар бир уйдан 5 миң литрден сүт өндүрүп алыңды.*

**ӨНДҮРГҮЧ** Иштеп чыгаруучу, өндүрүп чыгаруу ишине катышуучу, өндүрүп чыгаруучу. *Коомдун өндүргүч күчтөрү.*

**ӨНДҮРЛӨ** Өндүр менен жүрүү, өндүрдү өрдөй жүрүү. *Моюлдан өндүрлөп, Сары-Күнгөйдүн айырмачтай белине чык* (Сыдыкбеков). *Татаалдын ичи менен Өндүрлөп олтуруп, как ошол четиндин өзүнө келчү эмес белек* (Сыдыкбеков).

**ӨНДҮРЛӨӨ** **өндүрлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНДҮРЛҮҮ ЧАЛКАК** Чалкайып турган эки тоонун өрдөшү, кокту сыяктуу.

**ӨНДҮРҮЛ** **өндүр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨНДҮРҮМДҮҮ** Өндүрүлгөнү көп, өнүмдүү, иштелип чыгарылышы натыйжалуу.

**ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮК** Өндүрүмдүү болуучулук, өнүмдүүлүк, көп иштеп чыгаруучулук.

**ӨНДҮРҮМСҮЗ** Өнүмдүү эмес, натыйжасы начар, иштетилиши начар, көп иштеп чыгарууга болбогон. *Илгери терини малмага салуу, кыруу, ийлөө процесстери кол күчү менен өндүрүмсүз иштелчү* (Сасыкбаев).

**ӨНДҮРҮҮ** **өндүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНДҮРҮШ** 1. Иштеп чыгаруу, өндүрүү, жасап чыгаруу. 2. Коомдун өндүргүч күчтөрүн да, адамдардын өндүрүштүк мамилелерин да өз кучагына алган, материалдык байлыктарды түзүү процесси; өнөр жайдын бир тармагы. *Товардык өндүрүш. Автомобиль өндүрүшү. Текстиль өндүрүшү.*

**ӨНДҮРҮШТҮК** Өндүрүшкө таандык. *Өндүрүштүк план. Өндүрүштүк кеңешме.*

**ӨНӨ БОЙ** Бүт дене, тулку, бүткөн бою. *Кулагы укпай кер болуп, Бойдон кетип дарманы, Өнө бою тер болуп* («Манас»).

*Арстандын үнүн укканда өнө бою дүркүрөп, денесин калтырак басты* («Кыргыз эл жомогу»). *Өткүрлүгүн колго жанып көргөндө, Өнө боюм муздай түштү калтырап* (Турсунов).

**ӨНӨГӨ** Үлгү, калып. *Карышкыр ичикти Айканыш өнөгө салып бычыптыр* (Сыдыкбеков).

**ӨНӨГӨЛҮҮ** Үлгүлүү, үлгү берүүчү, тартиптүү. *Өнөгөлүү иш. Өнөгөлүү өмүр. Өнөгөлүү үйбүлө.*

**ӨНӨК** 1. Бир тарапта турган шерик, жаат-жаат болуп бөлүнүп ойногон оюндагы биригип бир тарап болгон жолдошу, жолдош, бир тарап болуп бириктешкендик. *Айыл-кыштактан келгендердин дээрлик баарысы тең өнөк-өнөк болушуп, тамакты чогуу ичишет* (Бейшеналиев). *Жаңыдан кошулган өнөктөр ажырашпайт* (Бейшеналиев). 2. Кезек. *Акылдан бөлөк агаңа өнөгүңдү алдырба* («Мендирман»). *Эркин да өзүнүн өнөгүн алдырган* жок («Жаш ленинчи»). 3. Өнөктүк.

**ӨНӨКӨТ** Адат, көндүм, көнүмүш. *Ар киши өзүнө бир мүнөздү өнөкөт кылып алат го* (Сыдыкбеков). *Ийитип саашка өнөкөт алган уйлар оорсок саашка жөн эле көнүп бере коёр бекен?* (Убукеев). *Көңүл чөксө, көлөкөңдөй ээрчиме, Бул өнөкөт, бул алсыздык каяктан?* (Сыдыкбеков).

**ӨНӨКӨТ ООРУ** 1. Өөрчүп, кайталанма болуп калган оору. *Оору өтүшүп кетсе өнөкөткө айланат* («Мүрөк»). *Өнөкөт оорулар көбүнчө жазында козголот* («Мүрөк»). 2. *өт.* Көнүмүш болуп калган жаман адат, көнүмүш терс сапат. *Сайракандын өнөкөт оорусу кармап төркүнүнө качып кеткен* («Чалкан»).

**ӨНӨКӨТТӨН** Өнөкөт алуу, көндүм болуп кетүү, адаттанып кетүү. *Түкүрүп үйрөнбөсүн, өнөкөттөнүп кетет.*

**ӨНӨКӨТТӨНҮҮ** **өнөкөттөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНӨКӨТТҮҮ** Өнөкөт алган көнүмүштүү, адаттуу көрүнүш болуп калган. *Анын өнөкөттүү шашкалактыгы жанына тынчтык бербейт* (Абдумомунов).

**ӨНӨКТӨШ I** Өнөгү бирге, оюнда бир тарап.

**ӨНӨКТӨШ II** Өнөк болуу, оюнда каршы ойногон тараптардын бирине кошулуу, шериктеш болуу, жолдош болуу.

**ӨНӨКТҮК** Өтө маанилүү коомдук же чарбалык иштерди жапырт аткаруу чаралары, жалпы бардыгы киришкен жумуш, жапа тырмак жүргүзүлгөн иш, компания. *Жазгы айдоо өнөктүгү. Күзгү жыйым-терим өнөктүгү.*

**ӨНӨР** 1. Бир нерсени жасоо, иштөө жолун, пайдалануу жөнүн билгендикти талап кылган кесип. *Өтүк тигүү өнөрү. Эр жигитке жетимиш түрдүү өнөр аздык кылат* (макал). 2. Чеберлик, усталык, билгичтик, маштык. *Өнөрүң болсо өргө чап* (макал). *Өнөр менен оюлган оюу. Ат үстүндө ойноо өнөрүн көрсөттү. Өнөрлүү өлбөйт, өлөрман көнбөйт* (макал). 3. Амал, айла. *Жамандын бир өнөрү артык – жата калып ат үркүтөт* (макал).

**ӨНӨР ЖАЙ** Сырьёлорду иштетүүчү, жерден казылып алынгандарды иштеп чыгуучу, курулуш ж.б. ушул сыяктуу иштерди жүргүзүүчү ишканалар, эл чарбасынын тармактары. *Жеңил өнөр жайы. Оор өнөр жайлары. Машина куруу өнөр жайы. Курулуш өнөр жайы.*

**ӨНӨРБАНТ** Өнөрпоз.

**ӨНӨРДҮҮ** **өнөрлүү** менен бирдей.

**ӨНӨРКАНА** 1. Өнөр адамы чыгармачылык иштерин жүргүзүүчү жай. *Сүрөтчүнүн өнөрканасы. Кол өнөрчүлөрдүн өнөрканасы.* 2. *өт.* Тигил же бул өнөр адамынын чыгармачылыгы, андагы чыгармачылык өзгөчөлүккө байланыштуу маалыматтар. *Жазуучунун өнөрканасы тууралуу кеп салуу өтө кызык. Алыкул Осмоновдун акындык өнөрканасында мындай көркөм табылгалар абдан көп* (Жигитов).

**ӨНӨРЛҮҮ** Өнөрү бар; чебер, маш, устат, көп өнөрдү билген. *Өнөрлүү өлбөйт* (макал).

**ӨНӨРМАН** Өнөрпоз, өнөрү бар адам. *Сурнайчы менен чоорчу, өнөрмандын баарысы, Өбөктөгөн карысы ушул тойдо болушту* («Манас»).

**ӨНӨРПОЗ** Өнөрлүү, өнөрчү, өнөрман, өнөрү бар адам. *Балким, бул бала эч теңдеши жок өнөрпоз болуп, Эл мактанып жомок кылар* (Жантөшев). *Билимге жетсе, жаштардын арасынан ар түрдүү өнөрпоздор чыгат, буга талаш жок* (Таштемиров). *Өнөрпоз ишке таянат, балбан күчкө таянат* (макал).

**ӨНӨРЧҮ** Өнөрү бар, өнөр колунан келе турган, чебер, шыгы бар.

**ӨНӨРЧҮЛҮК** Өнөрү барлык, шыктуулук, өнөрпоздук, чеберчилик. *Өнөрчүлүктү үйрөнүп алсаң өзүңө эле жакшы* (Баялинов).

**ӨНТӨ** Кыздан жигитке берилчү белек; кымбат санаган белек.

**ӨНТӨЛӨ** Жакшы көрүп, кадырлап, сыйлаган адамына жаналы калбай аракеттенип кам көрүү, кадырлагандыгын, сыйлагандыгын билдирип өнтөлөө. *Сөз айтпас дөдөй болсо, андай адамга эмне үчүн Кубат өнтөлөйт* (Жантөшев).

**ӨНТӨЛӨӨ** **өнтөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНТӨЛӨТ** **өнтөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨНТӨЛӨШ** **өнтөлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨНҮГҮҮ** **өнүк** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНҮК** Өрчүү, өркүндөө, өсүү, жогорулоо. *Өнүккөн чарба. Мамлекеттик экономикасы тез өнүгүп көтөрүлдү.*

**ӨНҮКТҮР** **өнүк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨНҮКТҮРҮЛ** **өнүктүр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨНҮКТҮРҮҮ өнүктүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨНҮКТҮРҮШ өнүктүр** этишинин кош мамилеси.

**ӨНҮЛ өн** этишинин туюк мамилеси. *Өнүлбөй калган салык.*

**ӨНҮМ** Өнүп чыккандык, өсүп, өнүп чыгуу сапаты. *Жер таштуу жана ак топурактуу болгондуктан, эгиндин өнүмү кем* (Жантөшев).

**ӨНҮМДҮҮ** 1. Өсүмдүү, өнүмү жакшы. *Сепкен үрөнүңүз өнүмдүү болсо, күзүндө кампаңыз да түшүмгө жык толот* (Сыдыкбеков). 2. Өндүрүмдүү. *Азыр шахтёр эмгеги өнүмдүү да, жеңил да болуп бара жатат* (Сасыкбаев).

**ӨҢ I** Реалдуу чындык, адамдын жашап турган өмүрү. *Бактым келер өлгөндө эмес, өңүмдө* (Токомбаев). *Өмүрүмдө мындай сонун көрбөгөм, Өңүмбү же түшүмбү деп санадым* (Калык).

**ӨҢ II** 1. Бет, жүз, чырай. *Сын-сыпаты, өңү дал атасынын өзү* (Бейшеналиев). *Өңдү көрсө жүз таят* (макал). *Өңү эмнегедир жылуу учурады* (Сасыкбаев). 2. Түс. *Чычырканак, шилби, четин, долоно, Өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул). *Тянь-Шандын мөңгүсүнөн бүткөн соң Суунун өңү Мөлтүрөгөн мөл болор* (Маликов). 3. Кездеменин сыртка караган жагы. *Өңү түктүү кездеме. Бул кездеменин ичи менен өңүнүн айырмасы жок.*

**ӨҢ III** Өңкөй, өнчөй, жалаң, чылк. *Мындан аз гана күн илгери өң жаштар болушуп сейил куруп чыгышкан булуң көрүндү* (Сыдыкбеков). *Шайланып өң эпкиндүү кирип келди, Түзүлгөн беш бригад жалаң жаштан* (Бөкөнбаев).

**ӨҢ IV** Энкейип, боюн жашыра далдаланып, билинбестен жакын барууга аракет кылып жылуу. *Жолборсун чукул жетелеп, таштан ташка жамынып, кийиктерди өңүп жөнөдү* («Ала-Тоо»). *«Өтсүн калмак мындай» деп, Өңүп турат Табылды* («Эр Табылды»).

**ӨҢ-АЛЕТТЕН КЕТҮҮ** Өңү бузулуп, кубарып-кумсаруу, каны-сөлү качуу (коркcондо, чарчаганда, ооруганда ж.б. учурларга карата). *Үрөйлөрү учуп, өң алеттен кеткен аялдардын паранжалары ачылды* (Саатов). *Бир албырып, бир кубарып өң-алеттен кеткенин кайненеси дароо баамдады* (Абакиров). *Куугунга алынып, урунуп-беринип, чыргай аралаган немедей өң-алеттен кеткен* (Осмоналиев). **В.: Өң-даалаттан кетүү.** *Өң-даалаттан кеткен аялдар дүбүрөп, орундарынан тура калышты* («Кыргызстан маданияты»). **Өңдөн кетүү.** *Ушунун баарын Абил бий баштаган топ бийлер, айыл аксакалдары, Абдырахман элчи дөң башында өңдөн кетип, кеңгиреп көздөн өткөрүп турушту* (Касымбеков). *Кара киши эки жакты элтеңдеп карап, өңдөн кетип, тили сөзгө келбей апкаарый түштү* (Касымбеков).

**ӨҢ-ДӨҢ** 1. Түз эмес, тегиз эмес, өйдө-ылдый, кылка эмес. *Өң-дөңгө чалынбай абайлап баccаң боло* (Саспаев). 2. *өт.* Одур-бодур, оош-кыйыш, жаман-жакшы, ой-чуңкур. *Турмуштун кезиктирдим өңү-дөңүн* (Токомбаев).

**ӨҢ КАРАМА** Эки жүздүү, колунан бир нерсе келип турган кишинин сөзүн сүйлөөчү, туруктуу эмес. *Кээде өң карама кишилер эки ортодон пайда табышат* («Чалкан»). *Өң карама мамиле жасагандар* (Медетов). **В.: Күн карама.** *Ага ишенбе, жеткен күн карама неме.*

**ӨҢ ТААНЫШ** Сыртынан гана тааныш, көрүшүп же учурашып гана жүргөн. *Ал жөн эле өң тааныш, анча жакшы билбеймин.*

**ӨҢГӨ** Башка, бөлөк, өзгө. *Билгизбей, кайдан болсо ала качам, Эми жок, мындан өңгө айтар сөзүм* (Үмөталиев). *Өңгө – жалган, өлүм ак* (макал).

**ӨҢГӨК: өңгөк-дөңгөк** Өңгүл-дөңгүл, түз эмес. *Өңгөк-дөңгөк талааны, Оруп турат деп уктум, Кааpы келген адамды, Соруп турат деп уктум* («Манас»).

**ӨҢГӨЧ** Жеген азык ооздон ич жакты көздөй өтүүчү жолдогу түтүкчө сыяктуу орган. *Кекиртек, кызыл өңгөчү, Кирген суудай куркурап* («Манас»). *Жөтөл кетпейт кыйкылдап, Өңгөчүң тынбай чыйкылдап* (Шүкүрбеков).

**ӨҢГӨЧӨ** Өзгөчө, айрыкча, башкача, бөтөнчө.

**ӨҢГӨЧҮН ҮЗӨ ТАРТУУ** Таң калганда, суктанганда чыйкылдаган катуу үн чыгаруу. *Какылдак өңгөчүн үзө тартты* (Сыдыкбеков).

**ӨҢГҮ: өңгү-дөңгү өңгүл-дөңгүл** менен бирдей *к.* **өңгүл.**

**ӨҢГҮЛ: өңгүл-дөңгүл** Түз эмес, өйдө-ылдый, аң-дөң, тегиз эмес. *Анын үйүнүн кире бериши өңгүл-дөңгүл, анын үстүнө тайгак болуп калыптыр* (Убукеев). *Адыр-адыр бел басып, Өңгүл-дөңгүл тоо ашып, Манас жөнөп калганы* («Манас»).

**ӨҢГҮРӨ** 1. Катуу озондоп үн чыгаруу, ыйлоо. *Айшанын эки баласы тең өңгүрөп ыйлап жиберишти* (Баялинов). 2. Катуу үн чыгарып мөөрөө. *Энелери өңгүрөп, музоолору мөөрөп турат* (Жантөшев). *Түн ортосу ченде маңдайдагы белестен топостордун өңгүрөп өкүргөн үнү тынчтыкты кетирди* (Убукеев).

**ӨҢГҮРӨӨ өңгүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢГҮРӨТ өңгүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢГҮРӨШ өңгүрө** этишинин кош мамилеси.

**ӨҢ-ДАЛЕТ** *диал.* Кебете, өң-жүз. *Колдору калчылдап өң-далети бузулуп суранды.*

**ӨНДӨ** 1. Ашатылган терини бордоп туруп, челин, үстүңкү керексиз катмарларын кырып таштоо, териге таза түс берүү. *Татыгул кечке байлардын терисин өңдөйт, өрмөгүн согот* (Сыдыкбеков). 2. Түс берүү, белгилүү бир өңгө

келтирүү. *Кызыл менен өңдөдү. Сары менен өңдөдү.*

**ӨҢДӨЛ өңдө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨҢДӨН** 1. Окшоо, сыяктануу. *Кайда жүргөн ак көгүчкөн өңдөнүп, Дайым менде сенин шайыр элесиң* (Токомбаев). *Мен качандыр жашап өткөн өңдөнөм, эс-учунда кызыл талаа өрттөнгөн* (Култегин). 2. Өңүнө чыгуу. *Ал мурункусундай болбой өңдөнүп калды.*

**ӨҢДӨНТ өңдөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢДӨНҮҮ өңдөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢДӨӨ өңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢДӨШ I** Өңү окшош, өңү, түсү бирдей. *Баарынын кийгендери өңдөш, бир үлгүдө тигилгендей окшош кийимдер* (Сыдыкбеков).

**ӨҢДӨШ II өңдө** этишинин кош мамилеси.

**ӨҢДҮ КӨРСӨ, ЖҮЗ ТАЮУ** Көзүн көрүп ийменүү, айбыгуу, жооткотуп тайсалдай түшүү. *Өңдү көрсө, жүз таят, нечен сыйын көрүп, бирге туз даамдашып жүргөн, катуу кете албады...* (Касымбеков). *Өң көргөндө жүз таят өзүнөн кабар алалы* («Семетей»).

**ӨҢДҮҮ** 1. Сулуу, өңү-түсү жакшы; өңүкебетеси жакшы. *Майра өзүнүн кызына окшогон өңдүү-түстүү токтоо киши* (Абдумомунов). *Сүйүмкан өңдүү-түстүү татынакай кыз болуп чыга келди.* 2. Арыктабаган, толмоч тарткан, өңүнөн азбаган, көрүнүшү жакшы, жүдөңкүрөбөгөн көрүнүш. *Жайлоо жаккан көрүнөт, жылдагыдан өңдүүсүң* (Сыдыкбеков). *Мал кыштан өңдүү чыкты* (Юдахин). 3. Сыяктуу, сымал, окшош, кебетелүү. *Бул өңдүү нерселерди токтотуш керек. Кычан тогоо, илгич өңдүү майда буюмдарды жасап коёт* (Бейшеналиев). *Биригип биз өңдүүлөр колхоз болдук* (Турусбеков).

**ӨҢКӨЙ I** Өнчөй, чылкый, жалаң, бүтүндөй. *Сугарып окуу билим булагына, Окутуп өңкөй жашты алга сүрөп* (Үмөталиев).

**ӨҢКӨЙ II** Эңкейе бөкчөйүү, далысын бүкүрөйтүп өбөктөгөндөй абалда болуу. *Саал өңкөйүп..., кичирээк асканын башында мылтыгын асынып Алыбек турат* (Жантөшев).

**ӨҢКӨЙТ өңкөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢКӨЙҮҮ өңкөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢКӨҢДӨ** Бөкчөңдөө, эңкейип бөкчөйгөн кыймыл-аракетте болуу. *Шарип өңкөңдөп сандыкты издеди* (Бейшеналиев).

**ӨҢКӨҢДӨӨ өңкөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢКӨҢДӨТ өңкөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢӨР I** Бир нерсенин ички бетине пайда болгон жука кыртыш, былжырлуу бүртүкчө, кабыкча. *Тиштин өңөрү эртең менен көп болот* («Ден соолук»). *Тиш тазалаганда тилдеги өнөрлөрдү да тиш щётка менен сүртүп жууш керек* («Ден соолук»).

**ӨҢӨР II** Атка, өгүзгө же башка унааларга мингенде баланы же башка бир нерсени астына алган абалда алып жүрүү. *Келген Динарды алдына өңөрдү* (Сыдыкбеков). *Жол менен өгүз минген абышка бир таңгак сабоо өңөрүп, тоодон түшүп келе жатты* (Баялинов).

**ӨҢӨРЛӨН** Өнөр каптоо, өңөр басуу. *Тилинин учу жана жандары кызарып түлөгөн сыяктуу болуп, агыш өңөрлөнүп калат* («Ден соолук»).

**ӨҢӨРЛӨНТ өңөрлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢӨРЛӨНҮҮ өңөрлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢӨРТ өңөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨҢӨРҮҮ өңөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢӨРҮШ өңөр** этишинин кош мамилеси.

**ӨҢҮ өң IV** менен бирдей. *Өңүп басып жакын келип, Кыйкырышты качырып* (Үмөталиев).

**ӨҢҮ БУЗУЛУУ** Бир нерсеге катуу капа болгон, кыжырланган, ачууланган же кыйналган учурларда өзүн башкача сезип, өзгөрүлө түшүү. *Суу болуп жаткан куур тонду көрүп, өңү бузулду* (Жантөшев). *Азыркы укканына өңү бузулуп, ичи уйгу-туйгу болду* (Айтматов). *– Эмне, мен сүйлөсөм эле өңүң бузула түшөт?* (Жантөшев).

**ӨҢҮ ЖЫЛУУ УЧУРОО** Ким экендигин жакшы биле албаса да, мурда көргөн кишисиндей, өңү тааныштай сезилүү. *Жаш жигиттин өңү жылуу учураган менен кай жерден көргөнүн эстей албады* (Каимов). *Адегенде таанывбаган, бирок өңү жылуу учураган бу жигит жакындап бастырып келди* (Абдукаимов). *Улам бир кадам шилтеп жакындашкан сайын, өңдөрү жылуу учурап, көздөрү өтөт* (Осмоналиев). *– Сен айтчы? – деди Эдиге, чала моңол өңү жылуу учураган жаш уланга* (Осмоналиев).

**ӨҢҮ СУУК КӨРҮНҮҮ** Жагымсыз, сүйкүмсүз көрүнүү. *Анын өңү суук көрүнөт* (Абакиров). **В.: Өңү суук учуроо.** *Анын өңү суук учурады.*

**ӨҢҮЛ** Эңкейүү, өңүгөн сыяктанып эңкейүү. *Өңүлүп баланын бетинен өптү.*

**ӨҢҮЛҮҮ өңүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨҢҮМБҮ ЖЕ ТҮШҮМБҮ** Чындык экендигине ишене бербөө, таң калуу, ишенүүгө кыйын болуу маанисинде. *Бакен өңүмбү же түшүмбү деген абалда калды* (Өмүрбаев). *Кайкып учат, шуудурагы угулбайт, өңүмдөбү же түшүмбү түшүнбөйм* (Белеков).

**ӨҢҮНӨ КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮҮ** Мурдагы абалына караганда алда канча кубаттанып, оңоло түшүү, көңүлү көтөрүлүү. *Өңүнө кызыл жүгүрүп, жакшы болуп калды.* **В.: Өңүнө кы-**

**зыл чуркоо.** *Энемдин өңүнө кызыл чуркап, жан дүйнөсү кыйла жандана түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Жарым саат өтпөй Франтишектин өңүнө кызыл чуркап, жайдаңдап чыкты* (Ашымбаев).

**ӨҢҮНӨ ЧЫГУУ** Эттенип, тирденип оңоло түшүү. *Председатель мурункусунан оңолуп, өңүнө чыгып, жаак көбүңкү тартып калыптыр* (Ашымбаев). *Байкасам, ал былтыр аябай чөгүп жүргөнүн бүт унутуп, кийимди да тандап кийип, өңүнө толук чыгып, эми кайгыны сезер эмес* (Эшмамбетов). **В.: Өңүнө кирүү.** *Кантсин, бечара, кадимкидей оңолуп, өңүнө кирип калган тура.*

**ӨҢҮР** Кийимдин көкүрөктөн этекке чейинки тилкеси. *Этектин эки өңүрүн кайрып, куруна кыстарып, шымаланып чай сунуп, ишке киришти* (Убукеев). *Көсөө абышка эки өңүрүн эки жакка ачып жиберип, оңурая калды* (Сыдыкбеков).

**ӨҢҮТ** 1. Билгизбей туруп кол салууга, көз жүгүртүүгө, өңүп барууга ыңгайлуу мерчемдүү жер, андып турууучу жай. *Өлчөөсүн алып калмактын Өңүтүн болжоп салды эми* («Эр Табылды»). *Карышкыр өңүттөн ылдам козголуп, койлорго ыкыс берип калды* (Токомбаев). 2. Ыңгайлуу учур, ыңгайлуу шарт. *Өңүтү келе түшкөндө секин гана жайлап койсом деп күтүп жүрөт* (Юдахин). *Баары бир өңүтүн келтирем, өчүмдү алам* (Баялинов).

**ӨҢҮТТӨ** Өңүткө чыгуу.

**ӨҢҮТТҮҮ** Өңүтү бар, өңүтү ыңгайлуу. *Өңүттүү, шек жер калбасын, Карай көр таштар далдасын* (Токомбаев). *Өңүттүү жер.*

**ӨҢҮҮ** *аңч.* Кийикке, аңга көрүнбөй, жашыруун жер, кокту, колот аркылуу андып баруу, жакындоо.

**ӨҢЧӨЙ** Өңкөй, жалаң, чылк. *Өңчөй жаштар. Өңчөй кыздар.*

**ӨӨ** Окшугусу, кускусу келгендеги чыккан дабышты көрсөтүү үчүн колдонулат. *Ата, балдар шаштырдың, Мына Төштүк, мына – деп,* «Өө» *– деп кусуп койду эле* («Эр Төштүк»).

**ӨӨДӨ өйдө** менен бирдей. *Өөдө кетсең – бөрү жейт, ылдый кетсең – ууру жейт* (лакап).

**ӨӨДӨЛӨ өйдөлө** менен бирдей.

**ӨӨДӨЛӨН өйдөлө** менен бирдей.

**ӨӨДӨЛӨТ өйдөлөт** менен бирдей.

**ӨӨДӨЛҮК өйдөлүк** менен бирдей.

**ӨӨДӨСҮН өйдөсүн** менен бирдей.

**ӨӨДҮК: өөдүк-сөөдүк** Өйдө-ылдый, тегиз эмес; өңгүл-дөңгүл. *Жибек курт өөдүк-сөөдүгү жок, тептегиз орогонун көр* (Таштемиров).

**ӨӨК I** Чыныгы, анык, нак өзү. *Элди сактап душмандан, Өөк сырттан ушу дейт* (Чоробаев).

**ӨӨК II** 1. Мал терисинин көкүрөк жаккы бөлүгү. *Өөк жүнүн кыркып бүткөндөн кийин койдун алдыңкы оң бутү кыркмачынын оң тизесин көздөй артка тартылат* («Кыргызстан айыл чарбасы»). 2. Малдын көкүрөк жак капталы. *Качып бара жаткан шайкалардын кээ бирөөлөрү аттарынын ары өөгүнө бир түшүп, берки өөгүнө бир түшүп баратат* (Сыдыкбеков).

**ӨӨК СЫРТТАН** Ашкан, чыныгы.

**ӨӨКТӨ** Теринин боор жагынан, ортодогу жиктен узунунан тилүү.

**ӨӨКТӨН өөктө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨӨКТӨӨ өөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨӨКТӨТ өөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨӨКТӨШ өөктө** этишинин кош мамилеси.

**ӨӨЛАЙ** *сүйл.* Бөбөк, кичинекей бала. *Сен апаңа жолтоо кылбай, өөлайыңды ойноткун, макулбу?* (Токомбаев).

**ӨӨН I** 1. Кийизден, териден, кездемеден, темирден ж.б. кесилип ташталган майдачүйдө кесиндилер. *Өөн бириксе тон болбойт, ынтымак болбой эл болбойт* (макал). 2. *өт.* Жетишпегендик, кемчилдик. *Эки чабан бардык жактан өз ара өөн таба алышпады* (Каимов). *Кээ адам жөндөмдүүдөн жөнүн тапкан, Ар иштин боло турган өөнүн тапкан* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Жагымсыз, өзүнө тартпаган, жат, эрөөн, комсоо. *Түркүндүн ыйлаганы өтө өөн учурады* (Бейшеналиев). *Чындап эле эркек кишинин казанаякта жүрүшү Шарипке өөн учурады* (Бейшеналиев).

**ӨӨН II** Ойдуң жер, кокту. *Машырап чымын-куюн болуп өөнгө түштү* (Абдукаримов).

**ӨӨНӨ** 1. Бир нерсенин өөнүн алып салуу, чет-бучкактарын, кереги жогун кесүү, четин кесүү. 2. *өт.* Анча-мынчасын өзүнө алып калуу, толук же бүт бойдон бербөө, үзүпжулуп, эптеп, кымтып өзүнө пайда түшүрүп алуу. *Байлар кайра эптеп эле сенин өзүңөн өөнөп калгылары келет* (Абдукаримов).

**ӨӨНӨӨ өөнө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨӨНӨТ өөнө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨӨНЧҮЛ** Кыйкымчыл, айыпчыл. *Өгөй өөнчүл, жетим кекчил* (макал).

**ӨӨРЧҮ өрчү** менен бирдей.

**ӨП: I өп-чап** Тартыш, анча көп жеткидей эмес, жетер-жетпес, жетишсиз. *Субан илгертен кедей, өз оокаты өзүнө өп-чап* (Жантөшев). *– Азырынча [аттардын жемчөбү] өп-чап. Маңдай чачы өп эле* («Манас» С.К.).

**ӨП II** Жакшы көргөндүгүн, сүйгөндүгүн, урматтагандыгын билдирүү иретинде кезиккенде, коштошкондо ж. б. учурларда эрдин тийгизүү, эрдин тийгизип сүйүү. *Кубанып балам келди деп, Кучактап өөп бетимден* (Нуркамал). *Зордоп өпкөн – жел өпкөн* (макал). *Томсоро түшпөсүн жалдырап, Баламдын бетинен өөп кой!* (Момунова).

**ӨПКӨ** 1. Көкүрөк клеткасынын ичине ор-

ношкон адамдын жана жаныбарлардын дем алуу органы. *Өпкө – дем алуу органы. Койдун өпкөсү.* 2. Өпкө турган туш; каптал. *Анан бир чапса эки мөңкүгөн Шыйпаң торусун өпкөгө тепкилеп, Дарбыз жейин деп, арабакечтерге жете келди* (Шүкүрбеков). 3. *өт.* Таарыныч. *Балам өлсө барбапсың, Таарынган өпкө, кирди айтам* (Токтогул).

**ӨПКӨ-ЖҮРӨГҮ ООЗУНА ТЫГЫЛУУ** Катуу коркуп кетип апкаарый түшүү. *Өпкө-жүрөгү оозуна тыгылып, уюн көрмөк тургай өз жанын ала качып, кудайлап жүгүрүп кайра үйүнө кирет* (Егиналиев).

**ӨПКӨ-ЖҮРӨГҮН ЧАБУУ** Абдан жакшы көрүп, айланып-кагылып, жалынып-жалбарып, мээримдүү мамиле жасоо. *Батыш жеңе балдарына өпкө-жүрөгүн чаап жиберчү эле* (Байтемиров). *Өпкө-жүрөгүн чаап жалынчу эле, бир күйсө ошол күйөт дейт тигил* (Осмоналиев). *Үзүлүп-түшүп, айланып-кагылып, өпкө-жүрөгүн чаап, башыңызды заматта тегеретип гана таштайт* (Борбиев). **В.: Өпкө-боорун чабуу.** *Бут жан-дили менен берилип, өпкө-боорун чабат. Жалына берчү өпкө-боорун чаап* (Бердикеев).

**ӨПКӨ КАГУУ** Өкүнүү, арман кылуу, катуу өкүттө калуу, ардануу, ардыгуу, өксүү. *Ачуу ызага ардыгып, өксүп жашын төккөн Батийна энесине көрүнбөй өпкө кагып өкүнөт* (Сыдыкбеков).

**ӨПКӨ КӨПТҮРҮҮ** Мактануу, көтөрүлүп коюу. *Бороондуу Каранарыңыз менен ээси сиздин сүрөтүңүздү бардык гезит-журналдарга чыгарабыз, атыңыз алыска кетет, ошол үчүн биз атайы келдик деп өпкө көптүрүп салышты* (Айтматов).

**ӨПКӨ-ӨПКӨСҮНӨ БАТПОО** Солуктап абдан катуу ыйлоо, энтигип токтоно албай көпкө чейин солуктай берүү. *Сербейген шордуу өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп өксүп ыйди* (Сыдыкбеков). *Таятасын карабай: «Кечиктим... Сабактан кечиктим...» деп өпкө-өпкөсүнө батпайт* (Айтматов). *Оо, бир оокумда кадимки эне-атасын ээрчип ыйлаган наристедей өпкө-өпкөмө батпай солуктап соорондум* (Өмүрбаев).

**ӨПКӨ ТОН** *же* **өпкө кап** *диал.* Жеңи жок кыска желетке, чыптама.

**ӨПКӨ ЧАБУУ** Жаңы союлган малдын (койдун, эчкинин) өпкөсүн оорулуу же алыстан келген адамга чапкылап, балакет-мээнет ушуну менен кетсин деп итке ыргытуу ырымы. *Өпкө чабар бакшысын* («Манас» С.К.). *Калтабай бир улак алдырып келди да, Сатылганга өпкө чапты* (Токомбаев).

**ӨПКӨ ЧАБЫШ** Чоң аш-тойлордо жаңы союлган малдын өпкөсү менен эки адам жыланач этке салгылашып, бири-бирин жыга чабууга аракет кылган оюн, мелдеш. *Илгери өпкө чабыш деген оюн болчу экен.* **В.: Өпкө чаптырмай.** *Андан кийин өпкө чаптырмай башталды.*

**ӨПКӨЛӨ** 1. Өпкөсү көбүү, өпкөсү көөп солуктоо. *Маталиф өпкөлөп ыйлаган баладай шолоктоп, үнүн араң гана чыгарды* (Жантөшев). 2. Таарыныч кылуу, таарынуу.

**ӨПКӨЛӨӨ** **өпкөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨПКӨЛӨТ** **өпкөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨПКӨМДҮ ЧАБАЙЫН** **өпкө-жүрөгүн чабуу** менен бирдей. *Оозуңа май, өпкөмдү чабайын, – деди Гулайым* (Абдукаримов). – *Өпкөмдү чабайын, суу алып келе койчу! – деп, апасы баласын сууга жумшады. Оозуңа май, өпкөмдү чабайын, – деди Гүлайым* (Абдукаримов). *Өзүбүз картаң кемпир-чал болсок, биртике аясаң боло, өпкөмдү чабайын* (Саатов). *Акжолтоюм, садага кетейиним, өпкөмдү чабайыным* (Абакиров). *Тур, турагой, кеттик үйүңө, өпкөмдү чабайын* (Абакиров). – *Өпкөмдү чабайын ай, өпкөмдү чабайын! ...Эмне болду экен деп жаным калсачы* (Сактанов).

**ӨПКӨСҮ ЖОК** Жеңил мүнөз, көйрөң, курулай күүлөнүп, жээлиге берме, мактанчаак, дарданкүү. *Билбесе да билемдикке салып сүйлөй берген өпкөсү жок неме экен* («Ала--Тоо»). *Өпкөсү жок байкуш өңдөнөт, жайына кой, – деп апам тыйып койду* («Ала-Тоо»).

**ӨПКӨСҮ КАЗАНБАКТАЙ БОЛУУ** Абдан катуу таарынып калуу. *Ага айтпай койсок, өпкөсү казанбактай болор. Барганда учурашып кайтпасаң өпкөсү казанбактай болуп калат.* **В.: Өпкөсү казандай, өтү аяктай болуу.** *Сабырдын өпкөсү казандай, өтү аяктай болуп, Баязды эстеген сайын итиркейи келип, туталанды* (Жусупов). **Өпкөсү казандай болуу.** *Өпкөсү тим эле казандай болду, ошондо.* **Өтү аяктай, өпкөсү казандай болуу.** *Бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, өтүм аяктай, өпкөм казандай болду го, анда.*

**ӨПКӨСҮ КӨБҮҮ** 1. Шолоктоп, басылбай ыйлай берүүдөн улам энтигип, токтоно албай буулукккан абалда болуу. *Жашы көлдөп, өпкөсү көбө түшкөн Батийна кеп айта алган жок* (Сыдыкбеков). *Аягында өпкөсү көөп, ийнин тарта солуктап, бетин басып эчкирип алды* (Садыбакасов). 2. Катуу күйүгүү, демигүү. *Деми көөдөнүнө батпай өпкөсү көөп, таноосу дирилдеп турганы өзүнө билинген эмес* (Өмүрбаев). 3. Дардаландап мактануу, көйрөндөнүү, дүүлүккөн, дарбыган абалда болуу. *Муну угуп Теке чаначтай болуп дардайды, өпкөсү көөп, таноолору барбайды* (Борбугулов). *Өпкөсү көөп келген Муса томсоро түштү да, отуруп калды* (Абдукаимов). *Менден беш бетер жетине албай, өпкөсү көөп алыптыр* (Айтматов). **В.: Өпкөсү көөдөнүнө батпоо.** *Эмилбек өпкөсү көөдөнүнө батпай күйүгө коркунучтуу жакты карады* (Осмоналиев).

**ӨПКӨСҮ КӨРҮНҮҮ** Өтө жупуну, начар абалда болуу. *Өпкөбүз көрүнүп араң турганда, андай чоң иш биздин колубуздан кайдан келсин* («Ала-Тоо»).

**ӨПКӨСҮН КАЛБЫР КЫЛУУ** Аябай жалынып-жалбара берүү, өпкө-жүрөгүн чабуу (көбүнчө сурануу, өтүнүү маанисинде). *Тилими тузак, өпкөмү калбыр кылып жүрүп араң уруксат алдым* (Жантөшев). *Бригадирдин өпкөсүн калбыр кылып, тил албай жүргөндөрдү эсине келтириш керек, – деди Сагынбек* (Жантөшев). *Эрин сабап жүргөн кишиге жалынып жүрүп өпкөсүн калбыр кылды* (Убукеев).

**ӨПКӨСҮН КОЛУНА АЛУУ** Обу жок мактанып, жээлиге берүү, көкүрөгүн өргө айдоо. *Мына мунуң өпкөсүн колуна алып келе жатат го, – деди Меңке* (Нурпеисов). **В.: Өпкөсүн колуна кармоо.** *Ага эмне, өпкөсүн колуна кармап жүргөндүр.*

**ӨПКӨСҮН ҮЗҮҮ** Катуу уруу, өтө ооруксунтуу; ушинтип айтып опузалоо. *«Бас ай, менин жаныма олтур, өпкөңдү үзүп коём, бас!» – деп Талипти кежигеден алды* (Исмаилов).

**ӨПКҮЛӨ** Тез-тез, удаа-удаа кайталап өбүү. *Ысман кучакташкан эки бөбөгүн көкөлөтө көтөрүп, өпкүлөп жиберди* (Токомбаев). *Ыргып барып энекесин кучактап, Өпкүлөдү, алкымынан жыттады* (Осмонкул).

**ӨПКҮЛӨӨ өпкүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨПКҮЛӨШ өпкүлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨПӨЙ** Коомайыраак, эпсиз, ыңгайсыз абалда өчөйө тартып отуруу. *Өтүкчү өпөйүп отурду атка, Ат минип көргөн эмес башта* (Шүкүрбеков). *Куйкөдөй өпөйүп, атка мингенин кара.*

**ӨПӨЙТ өпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨПӨЙҮҮ өпөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨПӨЙҮШ өпөй** этишинин кош мамилеси.

**ӨПӨҢ: өпөң-өпөң этүү** Өпөйгөн абалда соксоң-соксоң этүү (мис., ат үстүндө). *Өпөң-өпөң желдирип балдар келди бул тойго* («Эр Табылды»). *Абышка өпөң-өпөң желдирип келди.*

**ӨПӨҢ-ЧЫЧАҢ** 1. Жерден жарым метрдей өйдө так ортосунан тирөөчкө такалган, бир башын бассаң экинчи башы өйдө көтөрүлгөндөй кылып орнотулган устун, жыгач. *Балдарга өпөң-чычаң орнотуп берчи, ойношсун* (Саспаев). 2. *өт.* Бирде мунусуна, бирде тигинисине шылтап, ишти өз учурунда бүтүрбөө, бири-бирине түртө салуу. *Канча болду, өпөң-чычаң кылбай бүткөрбөйсүңөрбү.*

**ӨПӨҢДӨ** Өпөң-өпөң этүү, өпөң-өпөң эткен көрүнүштө болуу.

**ӨПӨҢДӨТ өпөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨПӨҢДӨШ өпөңдө** этишинин кош мамилеси.

**ӨПТҮР өп** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨР I** Айдөөш, айдөөш тарткан жер. *Жол барган сайын кыйындап, өргө айланды* (Баялинов). *Жол өр тарткан сайын, Динардын жүрөгүнүн согушу тездеди* (Сыдыкбеков). 2. Көкүрөгү бийик, көкүрөктүү. *Өркөчү бийик өр кула* («Манас»).

**ӨР II** Чачты, кайышты, жипти үчтөн же андан көп кылып бөлүп алып, бири-бирине айкалыштырып эшүү, ирети менен чырмаштыруу, бир өзөккө бириктирүү; эшүү. *Эки бөлүп өргөн чач. Ий майда кылып өргөн камчы. Өрүлгөн чачың сунулуп, өлүмдөн тартып алчудай* (Култегин).

**ӨР III өрү** менен бирдей.

**ӨР БОЛУУ** *сейр.* Жыртылып, бырышып, дал-далынан кетүү. *Ак көйнөгүм өр болуп, Агаңа жаман кор болуп* («Эл адабияты»).

**ӨРГӨӨ** 1. Жаңы үйлөнгөндөргө арналып тигилген боз үй. *Ак өргөө тигип, тай союп, Асем менен берем деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Эки капшытта оолагыраак тигилген эки ак өргөө эки уулунуку* (Убукеев). *Өргөөнү ачып, Көкүл уул, Өзү күбө ойлонот* («Эл адабияты»). 2. Тамак-аш жасабаган, таза турчу боз үй. *Ак өргөөгө ат чабышчу, Көк бөрү да беришчү* (Токомбаев).

**ӨРГӨӨ ЖАБАР** *этн.* Үйлөнүү салтында өргө көтөргөнгө жардам берген аялдарга бериле турган белек.

**ӨРГӨӨ КӨТӨРҮҮ** Колуктунун айылында үйлөнүп жаткандарга арналган боз үйдү тигүү.

**ӨРГҮ** 1. Тыныгуу, өрүү кылуу, жолдо эс алуу. *Ушундай өргүп албасак аттар чаалыгып калды* («Ала-Тоо»). 2. Күчүнө кирүү, кубатына кирүү. *Жакыптын уулу Манассың, Жаңы өргүгөн баласың* («Манас»).

**ӨРГҮТ өргү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРГҮҮ I** Жумушчу орунy (аткарган кызматы) жана орточо айлыгы сакталуу менен жумушчуларга жана кызматкерлерге жылына берилүүчү эс алуу.

**ӨРГҮҮ II өргү** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРДӨ** 1. Өр тарапты көздөй, өйдө көздөй жүрүү, капчыгайдын, коктунун баш жагын көздөй же суунун агымына каршы жүрүү. *Түзүн бастым, өрдөшүндө өрдөдүм, Ууз кымыз көлдөрүндө көлдөдүм* (Осмонов). *Коктуну жогору карата өрдөй бергенде, алдыбыздан мылтык үнү чыкты* (Жантөшев). *Өзөндө ошол айылдан, Суу өрдөп жылкы жайылган* (Токтомушев). *Жанталаша жан дүйнөмдө ыр айдап, Жылганы өрдөй тызылдаймын жылаңайлак* (К. Белеков). 2. Өйдөлөп өсүп отуруп, өзүнүн учуруна жетүү, мезгили келүү, чыбаштоо, чыбашы көбөйүү. *Койдун жүнү өрдөп калды, кыркыш керек, эми даакы боло баштайт.* Түлөө, жапырт түлөп түшүү.

**ӨРДӨГҮН УЧУРУУ** *к.* **беш өрдөгүн учуруу.**

**ӨРДӨК** Жазы тумшуктуу, жаргак тамандуу сууда сүзүүчү куш. *Көгөргөн көл*

*шарпылдайт, Өрдөк, каз ойноп каркылдайт* (Шүкүрбеков). *Өрдөктүн өзү көктө болсо да, көзү көлдө* (макал). *Өрдөк жокто чулдук бий* (макал).

**ӨРДӨТ өрдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРДӨШ** Коонун, колоттун өр тарткан жери. *Көз жетпеген өрдөштө, Сан жетпеген мал жатат* (Осмонов). *Үй, биз жылкы токтоткон коктунун өрдөшүндө болучу* (Баялинов).

**ӨРДҮК** Көпкөлөңдүк, эр көкүрөктүк, мактанчаактык. *Өрдүк кылсаң өлчөбөй, өз башыңды кыярсың* (фольк.).

**ӨРДҮР өр II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРКӨН** Кадыр-барк, атак-даңк, бак-таалай, бардык жагынан өсүү, өнүгүү, жогорулоо, алга озуп кетүү. *Өркөнүң өссүн, өрүшүң кеңисин. Өркөнү өсүп бар жактан* (Элебаев). *Омор уулуна эскертип коёт жакшы өс. Өркөнү өскөн элдин обону бийик чыгат!* (Сыдыкбеков).

**ӨРКӨНДӨ** Илгерилөө, өркүндөө, өнүгүү, дүркүрөп өсүү. *Төлгө төл кошулуп, эгинден түшүм көбөйүп, колхоз өркөндөй баштаган кез* (Сыдыкбеков). *Кыйрыбыз өсүп өркөндөп, Кызыгын көрсөк дүйнөнүн!* (Жантөшев).

**ӨРКӨНДӨӨ өркөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРКӨНДӨТ өркөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРКӨНДӨТҮҮ өркөндөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРКӨНДӨШ өркөндө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРКӨНДҮҮ** Өскөн, өнүккөн, өркүндөгөн. – *Карыбас кагылайын алтын энем, Өркөндүү элим өңдүү чаркың кенен* (Токомбаев).

**ӨРКӨНҮ ӨСҮҮ** Бардык жагынан өсүү, кеңкесири болуу, алга кетүү; бак-таалайлуу болуу. *Дүркүрөп өсүп, Колхоз, совхоз, Туштуштан, Курулду, жеңди, Өркөнү өсүп бар жактан* (Элебаев). *Омор уулуна эскертип коёт – Жакшы өс, өркөнү өскөн эрдин обону бийик чыгат!* (Сыдыкбеков). *Ырахмат, балам, өркөнүң өссүн!* (Медетов). *Өркөнү өссүн дешип алкашты* (Борбиев). **В.: Өлкөнүң өссүн!** *Өлкөнүң өссүн, чырагым!*

**ӨРКӨЧ** 1. Төөнүн жонунда майдан чогулуп, уркуюп, сороюп чыгып турган дөмпөк. *Өркөчтөрү баладай семиз төө. Аскар буурнын эки өркөчүнүн ортосуна тура калып, колун улам созду* (Сыдыкбеков). *Айры өркөч нарга жүк артып, Ак үйүн чечип бүт артып* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. *өт.* Малдын ыйык жалына жакын бүкүрөйүңкү, урчуктанган жери. *Сарымсаков аттын далысын, өркөчүн, соору- сун, туяктарын байкады эч кандай өөн таба албады* (Байтемиров).

**ӨРКӨЧТӨН** Өркөч сыяктанган көрүнүштө болуу. *Чөккөн нардай өркөчтөнүп, Тоолор жатат кенге толуп* (Маликов). *Күлдүрөп көбүктөнө өркөчтөнгөн суу көз ачып-жумганча атчанды алып жөнөдү* (Айтматов).

**ӨРКӨЧТӨНҮҮ өркөчтөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРКӨЧТҮҮ** Өркөчү бар. *Сүйрү өркөчтүү нар алып, сурап-жыйып мал алып* (фольк.). *Өркөчтүү ат, өркөчтүү толкун.*

**ӨРКҮН I** *а.ч.* Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн жалбырактуу жана бүчүрлүү жаш сабагы.

**ӨРКҮН II өркөн** менен бирдей.

**ӨРКҮНДӨ** Өсүп, өнүгүү, өөрчүү. *Чыңал, кыргыз, өркүндөгүн жайнагын, Жеңиш үчүн көтөр эмгек байрагын!* (Токомбаев). *Мекениң, айыл чарбаң өркүндөдү, Татыктуу иш бүтүрдүң көңүлдөгү* (Осмонкул).

**ӨРКҮНДӨӨ өркүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРКҮНДӨТ өркүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРКҮНДӨТҮҮ өркүндөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРКҮНДӨШ өркүндө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРЛӨ өрдө** менен бирдей.

**ӨРМӨ: өрмө камчы** Өрүлүп жасалган камчы. *Тагай Алымкулду өрмө камчы менен жонго берип калды* (Абдукаримов).

**ӨРМӨК** 1. Өрүлүп жасалган буюм, токулуп жасалган буюм. *Айылдын алдуу-күчтүү уз келин-кыздары өрмөк сокконго киришти* (Сыдыкбеков). 2. Кыргыз элинин таар сокконго, токуганга ылайыкташтырылып жасалган токуу аспабы (кылыч, адыргы ж.б.). *Жайдын күнү бир үйгө, Узун өрмөк курулду* (Осмонкул). *Адыргы, кылыч алдырып, эки башына экиден казык актырып, өрмөк курдуруп...* (Сыдыкбеков).

**ӨРМӨК СОГУУЧУЛУК өрмөкчүлүк** менен бирдей.

**ӨРМӨКЧҮ I** Өрмөк согуучу киши.

**ӨРМӨКЧҮ II** *диал.* Жөргөмүш.

**ӨРМӨКЧҮЛҮК** Ийрилген жүн жиптен ар кандай буюм жасоочу элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

**ӨРМӨЛӨ** Жөрмөлөө, жөрмөлөп жылуу. *Жатмак кайда! Тасмадан цемент кетет дөңгөлөп. Түздөн шоого тескери, Аккан суудай өрмөлөп* (Токомбаев). *Жаздын жашыл гүлдөрү, Жаш өмүрдөн өрмөлөп, Күчөп күнгө умтулган, Симфония өңдөнөт* (Токомбаев).

**ӨРМӨЛӨ-ЖӨРМӨЛӨ өрмөлө** менен бирдей.

**ӨРМӨЛӨӨ өрмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРМӨЛӨТ өрмөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРМӨЛӨШ өрмөлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРМӨЧҮ** Өрө билген, өрүп жасаганды жакшы билген киши. *Кайышчылардын ишин күлкү менен кызыткан берреги төрдө олтурган өрмөчү* (Сыдыкбеков).

**ӨРНӨК** Үлгү, мисал, үлгүлүү иш, үлгү болуучу сапат. *Биздин айылда Өмүрү өрнөк болчу аксакалдар көп («Кыргыз туусу»).*

**ӨРНӨКТҮҮ** Үлгүлүү, үлгү болоорлук. *Өрнөктүү иш. Өрнөктүү окуучу. Өрнөктүү карыя жок жерде, өнөрлүү жаш да жок* (макал).

**ӨРӨ** Кийиз. Оймо-чийме салынбай жасалган кийиз. Боз үйдүн жабуусу.

**ӨРӨЛӨ өрөөлө** менен бирдей.

**ӨРӨӨ** Өрөөлөп байланууччу байлоо, жылкыны тушоонун ушундай түрү.

**ӨРӨӨЛӨ** Жылкынын алдыңкы бир бутунун баймагы менен арткы бутунун санын бириктирип (оң буту менен оң бутун, сол буту менен сол бутун) байлоо, тушоо. *Бош болсо качып кетер деп, Муну койгон тушап өрөөлөп* («Саринжи-Бөкөй»).

**ӨРӨӨЛӨН өрөөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨРӨӨЛӨНГӨН** Өрөөлөнүп байланган, тушалган.

**ӨРӨӨЛӨӨ өрөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРӨӨЛӨТ өрөөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРӨӨЛӨШ өрөөлө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРӨӨЛҮҮ** Өрөөлөнө тушалган ат.

**ӨРӨӨН I** 1. Тоонун ортосундагы же суу бойлото созулган чоң, узун тилке мейкиндик. *Өрүшү кенен малга жай, Өрөөнү пахта, данга бай* (Токтогул). *Арабакечтер сай сымал өрөөн менен жүрүп отурушту* (Жантөшев). *Тоолоруңа, өрөөнүңө, көлүңө, Таазим сенин татынакай жериңе* (Турсунбеков). 2. Адамдын денесининин бир жак жаны, ыптасы. *Оң өрөөнүм бүт бойдон ооруйт.*

**ӨРӨПКҮ** Жүрөгү көтөрүлүү, алеп-желеп болуу, толкундануу, алып учуу; ээлигүү. *Жүрөгүнүн өрөпкүгөнү бая эле басылган* (Сыдыкбеков). *Өрт жалындай бала экен, Өрөпкүгөн жоону алган* («Курманбек»). *Кулагы бирдемени чалып калса, аны ар кимдерге айта бергиси келип, өрөпкүп турган адамдар да болбой койбойт* (Убукеев).

**ӨРӨПКҮТ өрөпкү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРӨПКҮҮ өрөпкү** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРӨСКӨӨЛ** Орой. *Өрөскөөл киши.*

**ӨРТ** 1. Курулушту, буюмдарды ж. б. өз кучагына алып алоолоп, жалындап күйгөн от. *Өрт – тилсиз жоо. Өрт өчүрүп нечен кирдим түтүнгө* (Нуркамал). 2. *өт.* Өткүр, курч. *Баарыңардан өтүмдүү өрт ошол. Керез экөөң эмне жүүнүңөр бош* (Бейшеналиев). Өрт *жүрөктүү – курч кайрат, Октон кайра качпагын* (Осмонкул).

**ӨРТ ӨЧКӨНДӨЙ КЫЛУУ** 1. Талкалоо, тыптыйпыл кылып жоготуу. *Арстан эрди өлтүрүп, Өрт өчкөндөй кылат деп* («Манас»). 2. Эч нерсе калбоо, артында из калбоо. **В.: Өрт өчкөндөй болуу.** *Туяксыз өтөт, арты өрт өчкөндөй болот* (Бердикеев).

**ӨРТТӨ** 1. Өрт коюу, күйгүзүп жиберүү, өрт чыгаруу, от коюу. 2. *өт.* Жалындатуу, шыктандыруу, делебесин козгоо; ичин күйгүзүү. *Чын Токтогул сен болсоң, Өрттөбөй айткын ичимди* (Токтогул). *«Күйсөң күй» – деп, каш-ты серпип күлгөнүн, Жанымды өрттөп жалт-жалт карап жүргөнүң* (Маликов).

**ӨРТТӨЛ өрттө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨРТТӨН өрттө** этишинин өздүк мамилеси.

**ӨРТТӨНГҮР** Тилдөө, урушуу сөзү. *Оо, өрттөнгүр, турмуш, – деп Кулкиши отуруп калды* (Касымбеков).

**ӨРТТӨӨ өрттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРТТӨТ өрттө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРТТӨШ өрттө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРҮ** Көп санда каптап жүрүү. *Тооктор, күрптөр түш келген жакка өрүп оттоп жүрүшөт* (Касымбеков). *Көрдүңбү, чаңдап калды суунун жээги, Мал эмес ал – кайберен өрүп жаткан* (Токобаев). *Кой таңга маал өрүп кетиптир, түндө тышка чыкканымда короодо эле жаткан* (Байтемиров).

**ӨРҮК** Өңү саргыч, эти жумшак келген сөөктүү жемиш жана ошол жемиштин жыгачы. *Өрүк, мейиз, жаңгак ден соолукка абдан пайдалуу* («Ден соолук»). *Чоң түп өрүк. Өрүк гүлдөдү.*

**ӨРҮКЗАР** Өрүктүү, жалаң өрүк өскөн жер. *Бул жер өрүкзар экен.*

**ӨРҮЛ өр II** этишинин туюк мамилеси.

**ӨРҮЛҮК** Үйүнүн же айлынын жанына жаңы көчүп келген кишиге тамак-аш же союш алып баруу менен көрсөтүлгөн сый. *Өрүлүк кылды Ашымды, Өң кедейлер жыйылып* (Осмонкул).

**ӨРҮЛҮКТӨ** Жаңы көчүп келгендерге тамак-аш көтөрө барып сый көрсөтүү, же чакырып тамак аш берүү. *Колунда барлар өрүлүктөп, кой-козусун да, чай-майын да алып келип жатышты* («Ала-Тоо»).

**ӨРҮЛҮКТӨӨ өрүлүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРҮЛҮКТӨТ өрүлүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРҮЛҮКТӨШ өрүлүктө** этишинин кош мамилеси.

**ӨРҮМ** Чачтын жана башка өрүлө турган нерселердин бири-бири менен айкалышып өрүлгөн түрү. *Эки өрүм кара чач толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). *Ракыянын өрүмдөн калган бир топ чачы маңдайына түшүп кеткен эле* (Байтемиров).

**ӨРҮМЧҮ** Ат жабдыктарын (куюшкан, жүгөн, камчы ж. б.) өрүп жасоочу адам, жакшы өрө билген киши.

**ӨРҮТ өрү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРҮҮ I** Дем алуу, тыныгуу; тыныгуу үчүн бир жерге токтоп өргүү. *Өрүү болуу. Өрүүдө үч күн болушат.*

**ӨРҮҮ II өр** менен бирдей. *Өрүү жолдо эки атчан жай бастырып келатышат.*

**ӨРҮҮ III өрү** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРҮҮН өрүү I** менен бирдей.

**ӨРҮШ I** Айылга жакын мал жайыты. *Өрүшү кенен малга жай, Өрөөнү пахта, данга бай* (Токтогул). *Жерге-жээгиңер көбөйүп, кенен өрүш алгыла* (Жантөшев). *Карышкыр өрүштү жана жайытты кыдырып көрдү* (Каимов). *Өрүш малдуу – дасторкон майлуу* (макал).

**ӨРҮШ II өр II** этишинин кош мамилеси.

**ӨРҮШТӨШ** Өрүшү бир, жайыты бир, бир өрүштү чогуу жайлоо, жамаатташ көчүп-конуп жүрүү. *Өрүштөштөр чогулуп шерине жешет* (Калык).

**ӨРҮШТҮҮ** 1. Өрүшү бар, өрүшү кеңири. *Өрүштүү конуш.* 2. Кең көкүрөктүү, омуроосу чоң. *Өрүштүү ат өрдө ээрди артына таштайт, ылдыйда куюшкансыз эле кете берет, мойнуна түшпөйт* (Бектенов).

**ӨРЧҮ** Өсүү, өнүгүү. *Ойлоп турсам көз жиберип, Өстүк өрчүп күн санап!* (Бөкөнбаев).

**ӨРЧҮЛ өрчү** этишинин туюк мамилеси.

**ӨРЧҮТ өрчү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨРЧҮТҮЛ өрчүт** этишинин туюк мамилеси.

**ӨРЧҮТҮҮ өрчүт** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРЧҮТҮШ өрчүт** этишинин кош мамилеси.

**ӨРЧҮҮ өрчү** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨРЧҮШ өрчү** этишинин кош мамилеси.

**ӨС** 1. Өнүп чыгуу, өнүп чыгып жетиле берүү, өнүгө берүү. *Калың чөптөр бой тирешкен, Түркүн сонун гүл өскөн* (Бөкөнбаев). – *Булар көчөттөр өсүп шактаса, кыштактын көркү болот* (Убукеев). 2. Чоңоюу, улам жетилүү. *Тең туулуп, тең өскөн, Темтеңдеп ойноп жаш кезден* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ташбай аке бак-дарак асырап өскөн багбан адам* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Өркүндөө, жогорулоо; өнүгүү, өрчүү, илгерилөө, алга кетүү. *Өсөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт* (макал). *Жүкөш окуду, өстү, бүткүл кенден чыккан сулуу кызга да үйлөндү* (Сасыкбаев). 4. *өт.* Көбөйүү, артуу, арбуу, жогорулоо. *Келерки жылда кирешелердин өсө тургандыгы каралган.*

**ӨСКӨЛӨҢ** 1. Өсүп кеткен, бир кыйла өсүңкү. *Өскөлөң чач. Чөбү өскөлөң болуп калган.* 2. *өт.* Эргиген, көтөрүңкү. *Өскөлөң тартып бийикке серпилген көйрөң көңүл экен* (Сыдыкбеков).

**ӨСКӨР өстүр** менен бирдей.

**ӨСКҮЛӨҢ өскөлөң** менен бирдей.

**ӨСӨК** Ушак, айың. *Барса айылга кобурап, Басылбайт мунун өсөгү* (Тоголок Молдо). *Өз боюн өсөктөн сактаган Чаргын түндөн турат* (Сыдыкбеков).

**ӨСӨРКҮ** Өспүрүм деген мааниде. *Өсөркү жаштан айрылып, Карганымды айтамын* (Тоголок Молдо).

**ӨСПҮРҮМ** 1. Бойго жетип, толо элек балдар (12–16 жаштар чамасындагы эркек балдар жана кыздар). *Он төрттөн он бешке караган өспүрүм кези. Өспүрүм балдар ар нерсеге дилгир, зирек келет* («Ала-Тоо»). 2. Өсүп келе жаткан жаштар, жаш жеткинчектер. *Өспүрүм жаңы муундарды тарбиялоодо эң маанилүү роль мектепке таандык.*

**ӨСТӨН** Чоң суудан бөлүнүп алынган сугат каналы, чоң арык. *Электр станциясына суу агызчу өстөн казылат* (Сыдыкбеков). *Кичинекей булактардан чоң өстөн куралгандай ой-сезим кеңиди* (Сыдыкбеков).

**ӨСТӨНЧҮ** Өстөн казгандар. *Мына дагы бир зор таш. Өстөнчүлөр бат эле ал ташты айланта үңүп, туш-туштан калтек согушту* (Сыдыкбеков).

**ӨСТҮР өс** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨСҮМ** 1. Өсүү жөндөмдүүлүгү, өсүү ылдамдыгы, өсүү сапаты, касиети. *Өсүмү ылдам чач. Картошканын жаңы сортунун өсүмү жакшы экен.* 2. Карызга же пайдаланууга берилген нерсенин пайызы, сүтү. *Өсүмгө берүү. Күзгө өсүмгө берилген согум.*

**ӨСҮМДҮК** Абанын жана жер кыртышынын органикалык эмес заттары менен азыктанып органикалык заттарды пайда кылуучу жана кандайдыр бир орунда өсүүчү организм. *Ал кашатта кардай болуп агарган узун-узун тилкелер, алар дары-дармек өсүмдүктөрү* (Абдумомунов). *Аянты өсүп, Дандар толук себилет. Эчен жаңы, Өсүмдүктөр эгилет* (Турусбеков).

**ӨСҮМДҮҮ** Өсүмү жакшы, тез өскөн.

**ӨСҮҮ өс** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨСҮШ өс** этишинин кош мамилеси.

**ӨТ I** Боор бөлүп чыгаруучу саргыч жашыл түстөгү ачуу суюктук. *Бул кымыздын ичинде: үч тамчы ак кажырдын өтү бар* (Жантөшев).

**ӨТ II** 1. Бир жерден экинчи бир жакка басуу, экинчи тарабына чыгуу. – *Байбиче, келиңиз, көрсөткөн орунга өтүңүз* (Сыдыкбеков). *Көп жылкыны чубатып, Көсөр калмак өткүчө, Артынан жөө барамын* («Эр Табылды»). *Сыноосунан өтсөң – дүйнө чалкыган, Азабын да дароо унутуп калуу жан* (Турсунбеков). 2. Мурда болуп кетүү, ошол учурда убактысы, мезгили жагынан алганда бүтүп калган абалда болуу. *Кезегимдин өткөнүн Ойлоно калдым бүгүн мен* («Курманбек»). *Арадан бир жыл өттү. Бир саат өттү. Өткөндү билбеген эл – атасын таанызбаган баладай* (макал). 3. Батып кетүү, батып кеткендиктен денени оорутуу. *Таманынан таш өтүп, Маңдайынан тер кетип* («Манас»). *Аркан өтүп сыздаган бели оор жүктү алып таштагандай жеңилдеди* (Токомбаев). 4. Катуу таасир калтыруу, жапа чектирүү, жанга бата түшүү. *Асыл булбул Токоңо Айдоонун даты көп өткөн* (Токтогул). *Жүрөгүм мокоп калыптыр,*

*Кудайназар как баштын Кордугу өтүп ашынып* («Эр Табылды»). 5. Кесип, тешип же көзөп кетүү. *Кылычтаса, Төштүккө өтпөгүдөй кыларда* («Эр Төштүк»). *Жүрөгүн тешип өтсөм, Аткан октой* (Барпы). 6. Сиңүү, таралуу. *Кадыры элге бөтөнчө, Өткөн жигит жакшы экен* (Барпы). 7. Озуу, ашып кетүү, артыкчылык абалда, ашкан абалда болуу. *Туугандан өтөм десең – кой бак, душмандан өтөм десең – аштык бак* (макал). 8. Өтүмдүү болуу, тез сатылып же тез алынып кетүү. *Тез өткөн товарлар. Базарга саткан алмалары бат эле өтүп кетти.* 9. *өт.* Ажалы жетүү, каза болуу, жок болуп кетүү. *Ажал жетсе амалсыз, Биз да бир күн өтөбүз* (Токтогул).

**ӨТКӨЗ** **өткөр** менен бирдей. 1. Бир нерсени экинчи бир кишиге санап берүү, өткөрүп берүү. *Колхоздун малын так санап, так эсептоттон өткөз* (Байтемиров). 2. Бир жерден экинчи жерге өткөрүп, узатып коюу. *Майып кишини көчөнүн аркы өйүзүнө өткөзүп койду* («Кыргыз Туусу»). 3. Бир нерсени көзөнөктөп, көздөн өткөрүү. *Ийненин көзү кичине болгондуктан, Динар жипти өткөзө албай убараланды* (Сыдыкбеков).

**ӨТКӨК: ич өткөк** Ичи өткөн оору. *Ич өткөк болгон козу.*

**ӨТКӨӨЛ** 1. Бир нерсени өткөрүү үчүн жасалган жол; өтө турган жер, кечүү, кечмелик. *Ашыр тик өткөөл менен өтүп, Мустафалардын тобуна жетти* (Сасыкбаев). *Суунун чыгыш тарабы болсо өткөөлү татаал майда калың чер* (Жантөшев). 2. Шахталарда, кендерде, туннелдерде ж.б. өтүп туруучу жер, жол.

**ӨТКӨР** **өт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨТКӨРӨ** Аябай, ашык, ашепке. *Өткөрө кыйын иш болуп калды, аягы жакшы болсо болгону* (Бектенов).

**ӨТКӨРҮЛ** **өткөр** этишинин туюк мамилеси.

**ӨТКӨРҮЛҮҮ** **өткөрүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТКӨРҮЛҮШ** **өткөрүл** этишинин кош мамилеси.

**ӨТКӨРҮҮ** **өткөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТКӨРҮШ** **өткөр** этишинин кош мамилеси.

**ӨТКҮН** Белгилүү бир тилке менен тез жаап өткөн жаан, күн катуу, текши бүркөлбөгөн учурдагы кыска мөөнөттүү жаан. *Кыйла күндөн бери өткүн да болгон жок* (Байтемиров). *Аткулактуу төрдү өткүн мөндүр сабап-сабап тургандай класс ичи дуу-дуу көтөрүлдү* (Сыдыкбеков).

**ӨТКҮНДӨ** Өткүн болуп жаап кирүү, кыска мөөнөт менен жаап өтүү.

**ӨТКҮР** 1. Курч. *Ташка тийип кетилди, Далай болот өткүр мыз* (Токтогул). *Канжардын өткүр мизи анын оң кулагын шылып түштү* (Сыдыкбеков). *Колундагы кайлоонун Курчтугу өткүр болоттой* (Осмонкул). 2. *өт.* Тайманбас, тартынбаган, өтүмдүү. *Кузьма Ашырдын өткүр мүнөзүн жактырар эле* (Сасыкбаев). *Өткүр жигит өйдө өтөт, Жүргөн жерин гүлдөтөт* (Үмөталиев).

**ӨТКҮРДҮК** **өткүрлүк** менен бирдей.

**ӨТКҮРЛҮК** 1. Курчтук, бир нерсеге тийсе кесип кетүүчүлүк. *Биздин чапкан алмаз болот кылычтын Өткүрлүгүн кылым бою эстейсиң* (Осмонкул). 2. *өт.* Тартынбастык, тайманбастык, өтүмдүүлүк. *Кырмусшаанын Мурадыл Өткүрлүгү арбын, өзү жаш* («Манас»).

**ӨТКҮРСҮ** **өткүрсүн** менен бирдей.

**ӨТКҮРСҮН** Өзүн өткүр, тайманбаган киши катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, өтүмдүү киши сыяктанып көрүнүүгө тырышуу. *Өткүрсүнгөн киши.*

**ӨТКҮРСҮНҮҮ** **өткүрсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТКҮРСҮНҮШ** **өткүрсүн** этишинин кош мамилеси.

**ӨТМӨ** Улам бирөөгө өткөрүлүп бериле турган. *Өтмө Кызыл Туу. Өтмө желек.*

**ӨТМӨ КАТАР** Чиелешкен, ар тараптан абдан байланышкан, көп жагынан чырмалышкан. *Өтмө катар куда болушту. Өтмө катар туугандык жагыбыз да бар.*

**ӨТМӨ КАТАРЫНАН ӨТҮҮ** Бүт суу болуу, кургак эч нерсеси калбоо. *Жамгыр эленип, көчүк басар, кургак орун калбай, өтмө катарынан өтүп, сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүшүп, ак жаандан соңку чыкыроонго көк тумшук болуп тоңушуп, бүк түшүп жыгыла башташты* (Касымбеков).

**ӨТМӨ МААНИ** Сөздөрдүн өз маанисинен башка мааниге өтүп, баштапкы маанисинен башка нерселерди түшүндүрүп калышы.

**ӨТМӨК** Суунун өткөөлү.

**ӨТМӨЛҮК** **өтмөк** менен бирдей. *Өтмөлүктөн өткөрүп, кечмеликтен кечирип* (фольк.).

**ӨТӨ I** Эң, абдан, аябаган, аябай, эң эле. *Өсүмдүккө өтө керектүү: күн жана аба!* (Сыдыкбеков). *Өтө шайыр киши эле, Ыр жазуудан жадабас* (Осмонкул). *Мындай карышкырлар өтө сейрек* (Жантөшев).

**ӨТӨ II** Бир нерсени аткаруу, иштөө, иш жүзүнө ашыруу, белгилүү мөөнөткө кызмат кылуу. *Бул жакшылыгыңды өтөөрбүз* («Ала-Тоо»). *Ошентип, айрылышкан муңдуу энем, Канткенде мээнетиңди өтөп берем?* (Токомбаев). *Өтөбөй калайыктын бир кызматын Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып* (Бөкөнбаев).

**ӨТӨ ЧАБУУ** Ашыкча кетүү, чегинен ашырып жиберүү. *Зарлыктын жөн эле сөзгө калемпир сээп, курчутуп, өтө чапмайы бар* («Ала-Тоо»). *Мен сени түшүнөр бекен деп сынагамын, сен өтө чаап кетпедиңби* (Абдукаимов).

**ӨТӨГӨН** Аюу деген мааниде. *Өтөгөндүн териси, өзү жатып ий болот* (макал).

**ӨТӨК** Тоо этегиндеги ойдун, оюраак жер,

тоо этеги. *Мен өтөктөгү корумга чыктым* (Жантөшев). *Жайыттын ойдуң өтөк жерлери ыргалган кара кыяк* (Убукеев). *Өтөк жери көйкөлгөн, Өзөндө аккан суусу бар* (Осмонов). *Өтөгү башы мандалак, Кырк өрүм чачың далдалап* («Эл адабияты»).

**ӨТӨЛ өтө** этишинин туюк мамилеси.

**ӨТӨЛГӨ** Кандайдыр бир көрсөткөн кызматы, жардамы ж. б. үчүн берилүүчү сый, алкыш, акы, кайрым.

**ӨТӨӨ өтө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТӨСҮНӨ ЧЫГУУ** Тындыра орундатуу, аягына чыга аткаруу, бүтүрүү. *Иштин өтөсүнө чыга албаса, кээ бир кызматчылар өзүнүн арызы менен бошонуп алары жакшы маалым. Адатта дос күтпөгөн адам болбойт, бирок анын өтөсүнө чыгуу баарынын эле колунан келе бербейт* (Каимов). *Керээли-кечке иштеп тапкан эмгегинин өтөлгөсүнө арзыбаган тыйын алганына ичи ачышып калды* («Ала-Too»).

**ӨТҮК** Кончу узун бут кийим. *Өтүгүң тар болсо, үйүңдүн кеңдигинен не пайда* (макал). *Өтүгү жаман төрдү булгайт, Оозу жаман элди булгайт* (макал).

**ӨТҮКЧҮ** Өтүкултаруучу, өтүк тигүүчү адам. *Өтүкчү өтүккө жарыбайт* (макал). *Өтүкчүнүн сыңар өтүгү майрык* (макал).

**ӨТҮКЧҮЛҮК** Өтүк тигүү, ултаруу боюнча кесипчилик, өтүк, бут кийим тигүү, ултаруу кесиби.

**ӨТҮЛ өт II** этишинин туюк мамилеси.

**ӨТҮМ** 1. Өткүрлүк, тайманбастык, тартынбастык. *Өтүмү жок жигит.* 2. Тез өтүп кетүүчүлүк, тез сатылып кетүүчүлүк. *Же болбосо өтүмү жок бирдемелерди бердирип, өзүн соодага ыңгайсыз жерлерге алмаштырып жиберет.*

**ӨТҮМДҮҮ** 1. Өткүр, тайманбаган, тартынбаган, курч, өткүр. *Өмүрбекке караганда Гүлай өтүмдүү сыяктуу эле* (Токомбаев). 2. Тез өтүп кетүүчү, тез сатылып кетүүчү, керектүү, көп керектелүүчү. *Өтүмдүү мал.*

**ӨТҮМДҮҮЛҮК** 1. Өткүрлүк, тайманбастык, тартынбастык, курчтук, жалтанбастык. 2. Тез өтүп кетүүчүлүк, тез сатылып кетүүчүлүк.

**ӨТҮМСҮЗ** 1. Өтүмдүү эмес, өткүр эмес, жоош. *Өтүмсүз жигит. Өтүмсүз сөз.* 2. Өтүмдүүлүгү начар, тез өтпөй турган, тез сатылып кетпей турган. *Өтүмсүз мал. Өтүмсүз товар.*

**ӨТҮН** Сурануу, сураныч менен бирөөгө кайрылуу. *Капсалаң Ызакулга атайылап назарын салып өтүндү* (Бейшеналиев). *Ошого мөмө тоюна катышып анан кетүүңүздү коллектив, Кузьмич ага, сизден өтүнөт* (Сыдыкбеков).

**ӨТҮНҮҮ өтүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТҮНҮЧ** Суроо, тилек, сурануу, сураныч. *Уулунун өтүнүчүнө Ырайымжан дароо жооп бере алган жок* («Ала-Тoo»). *Чүкөбайдын өтүнүчүн орундатышты* (Баялинов).

**ӨТҮП КЕТҮҮ** 1. Өлүү, жан таслим болуу, көзү өтүү. *Көй-Кашкага сайылган жебени суурун алса өтүп кетерин түшүнгөн Кумтан-Кара-Жаак ошол бойдон алып жөнөмөкчү болду* (Көчкөнов). 2. Абдан тажатып жиберүү, ашынып кетүү. – *Алып кел! Деги сеники өтүп кетти, ушу жыгылсам дагы!... – деп кыжындым, каным кайнап* (Медетов).

**ӨТҮРҮК** Жалган, калп. *Кайдасыңар кадимки старчындар, Сөзүнүн жарымы өтүрүк, жармы чындар* (Тоголок Молдо). *Өтүрүк сөз – жанга кас, өтпөс бычак – кынга кас* (макал).

**ӨТҮҮ өт** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨТҮШ өт** этишинин кош мамилеси.

**ӨФ** Мурунга жагымсыз жыт келгенде айтылат.

**ӨХ** Чарчаганда, кыйналганда, терең дем алганда колдонулат. – *Өх, жеңе! Шылдыңды кой, суусап кеттик* (Турусбеков).

**ӨЧ I** Кек, качандыр бир кезде көрсөткөн кордугу, ызасы ж. б. үчүн алынуучу кек. *Ашырдан өч алсам дегенде Кайып ак эткенден так этет* (Сасыкбаев). *Анна Душманга каршы салгылашып, эне-атасы үчүн өч алды* (Сасыкбаев).

**ӨЧ II** 1. Күйүп турган от, жанып турган шам, жарык ж. б. күйүүдөн, жарык берүүдөн токтолуу. *Жураевдин маңдайындагы шамы али өчө элек* (Сасыкбаев). *Түн бою көз ирмебей из караган, Алыста маекчинин чырагы өчтү* (Осмонов). *Өчпөстүн отун жаккан, өлбөстүн күнүн көрөт* (макал). 2. Өңү, түсү мурдагыдай болбой азуу, оңо баштоо, бир нерсенин бетине түшкөн из, так, жазуу ж. б. эскирип, сүрүлүп жок болуу, билинбей калуу. *Көрчүсү кетип мурдагы, Каректин өчүп нурлары* (Мамеев). *Өңү өчүп, күзгү гүлдөй болуп калды, Кулшайы буралган кыз тал чыбыктай* (Осмонов). *Ураган дубалдарга өчпөсүн деп, Жеңишти, жоокер атын жаза-жаза* (Үмөталиев). *Жылдар өтө берет, Кумдар көчө берет, Издер өчө берет* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Каза болуу, дүйнөдөн кайтуу, ажал жетүү. *Артынан күйөөсүнүн Гүлнар жеңе, Жалп этип жел үйлөгөн шамдай өчтү* (Үмөталиев).

**ӨЧКӨН ОТУН ТАМЫЗУУ** Кайра жандандыруу, мурдагы калыбына келтирүү. *Өчкөн отум тамызчы Абаке, Өлгөн жаным тиргизчи!* («Манас»). *Бул сөздү айтып эр Мажик Өчкөн отун тамызды* («Манас») **В.: Өчкөн отун күйгүзүү.** *Кулубай антуунун ордуна өчкөн отун күйгүзүп, өлгөн болушту тирилтип олтурбайбы, кокуй* (Медетов).

**ӨЧКҮС** 1. Жоголбос, такай эсте турган, унутулбас, унутулгус. *Өчкүс атак-даңкка жеткенден кийин, кийин...* (Байтемиров). 2. Өчүрүп салууга болбос, өчпөй турган (жазуу жөнүндө).

**ӨЧМӨНДҮК** Өчөштүк, кектүүлүк. *Өзөлөнтө куугудай менин малымда сенин өчмөндүгүң бар беле?* («Кыргызстан маданияты»).

**ӨЧМӨНДҮҮ өчтүү, кектүү** менен бирдей.

**ӨЧӨЙ** Абдан бөкчөйгөн абалда болуу, өпөйгөн, өпөйүп отурган абалда болуу. *Карыдым деп өчөйбөй, кайратыңы жыйна* (Жантөшев).

**ӨЧӨЙТ** **өчөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧӨЙҮҮ** **өчөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЧӨҢДӨ** Өчөйгөн, өпөйгөн көрүнүштө, көбүнчө ат үстүндө бараткада селкилдеген абалда болуу.

**ӨЧӨҢДӨӨ** **өчөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЧӨҢДӨТ** **өчөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧӨШ** Көрсөткөн кордугуна, ызасына же башка аракетине, мамилесине карама-каршы иш кылуу, тескерисинче мамиле түзүү, каршыгып калуу, айыгышып калуу, өчүгүү. *Өчөшсөң, Миңбай, Атакан, Мени да жыгып аларсың* (Токтогул). *Мен өчөшкөндөй болдум, жатып алдым* (Бөкөнбаев).

**ӨЧӨШТҮК** Өчөшүп калгандык, ичи карагандык. *Экөөнүн ортосундагы өчөштүк узарып баратат* (Медетбеков).

**ӨЧӨШТҮР** **өчөш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧӨШҮҮ** **өчөш** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЧТҮҮ** Өчү бар, кеги бар, таарынычы бар.

**ӨЧҮГҮҮ** **өчүк** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЧҮГҮШ** **өчүк** этишинин кош мамилеси.

**ӨЧҮК** Өч болуу, өчөшүү. *Өчүккөн жоону кыйратып, Өлкөңдүн антын актагын* (Бөкөнбаев).

**ӨЧҮКТҮР** **өчүк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧҮҢКҮ** Алсыз, билинээр-билинбес, араң эле байкалган. *Сүрөттүн өңү өчүңкү болуп калыптыр, Өчүңкү үн чыгарып, араң эле кыймылдайт* (Юдахин).

**ӨЧҮР** **өч** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧҮРГҮЧ** 1. Жазууну өчүрө турган резина. 2. Шамдын, самоордун же дагы башка күйүүчү нерселердин отун өчүрүүгө атайын ылайыкталып жасалган нерсе.

**ӨЧҮРТ** **өчүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ӨЧҮРҮҮ** **өчүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨЧҮҮ** **өч** этишинин кыймыл атоочу.

**ӨШ** Уйларды айдоодо, кайрууда колдонулат. *Өш! – деди да, келин тескери баскан торпокту утурлады* (Убукеев).

# П

**ПААНА** 1. Калканч, баш калкалоочу жай. *Кылчылдап аяз түнү жолдо бастым, Паана жок баш калкалар карда жфаттым* (Абдыраманов). 2. *өт.* Тирек, таяныч, колдоо. *Паана кылса өз элин, Аны кудай атабы* (Токтогул). *Деңгене болуп ит-кушка, Денесин катар паана жок* («Эл адабияты»). *Айырбай мерөөл болчу панарыман, Өзүңдү дегем дайым паана кылам* (Гилязетдинов).

**ПААНАЛА** 1. Калканч табуу, баш калкалоо, баш калка кылуу. *Ажар менен Каныбек пааналаган бадалды тегеректеп калышты* (Жантөшев). 2. *өт.* Тирек, таяныч табуу, өзүнө жактоо, колдоо табуу, бирөөгө каралап туруп калуу. *Туугандарыбызды пааналап, турмуш оңолор бекен деп келдик* (Каралаев) *Эми эч буйдалбастан баланы ээрчитип башка бир жерге паанала* (Жантөшев).

**ПААНАЛАТ паанала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ПААНАЛАШ паанала** этишинин кош мамилеси. *Эми ал кайда барып баш пааналаш керек?*

**ПААНАЛОО паанала** этишинин кыймыл атоочу.

**ПААНИ** Жалган, өтүп кете турган, түбөлүк эмес. *Бай Көкөтөй өлду деп, Паани дүйнө чын жайды, Барып акыр көрду деп* («Манас»).

**ПААША падыша** менен бирдей.

**ПАВИЛЬОН** 1. Соода-сатык, көргөзмө, экспонаттар үчүн ж.б. максаттарда жеңил-желпи конструкцияда курулган үй, жеңил имарат, айванча. *Павильондордо алма, алча, коон, дарбыз, алмурут, жузум сыяктуу дүйүм жемиштер турат* (Байтемиров). *Гүл павильону.*

**ПАДА бада** менен бирдей. *Жашымда багып жүргөнмүн Калматбайдын падасын (Барпы).*

**ПАДАР** *диал.* Ата. *Оп падарыңа наалат! – деп, Саламжан эшикке карай жүгүрдү* (Жантөшев).

**ПАДАЧЫ бадачы** менен бирдей. *Айла таппай жалдырап, Падачы болдум жашымдан* (Барпы).

**ПАДЫША** 1. Монархиялык бийликтин башчысы, монархтын титулу, атадан балага өтүүчү кандык бийлик. *Зулум падыша, бай-манаптын тушунда элди, жерди кара туман каптаган* (Нуркамал). 2. *өт.* Мамлекет башчысы, эл башчысы. 3. *өт.* Эң күчтүү, эң кыйын, эң урматтуу, асыл. *Падыша тукумун жеке уул даңазалабайт. Арстан – айбандардын падышасы.*

**ПАДЫШАЛЫК** 1. Падышага, падыша башкарган бийликке таандык. 2. Падышачылык. *Орус падышалыгына караган.*

**ПАДЫШАЧЫЛЫК** Башында падыша турган бийлик, падышалык өкмөт. *Орус падышачылыгы. Падышачылыкка каршы күрөш.*

**ПАЁК** Белгилүү мөөнөткө өлчөп норма боюнча берилүүчү азык-түлүк.

**ПАЙ I** *диал.* Таман, из, тарамыш. *Кызыталак Бото ууру, Кескен экен пайымды* (Барпы).

**ПАЙ II** Катышуучусу тарабынан жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн төгүлүүчү үлүш. *Мурдагы соода кызматкерлери ошол күйүүчү майдан жегенби, чайдан жегенби же элден чогултулган пайдан жегенби, ким билсин, баары тең бир мезгилде кызматтарынан алынды* («Чалкан»).

**ПАЙ III: пай-пай** Таң калгандыкты, ички күчтүү сезимди, ыраазы болуп моокуму кангандыкты билдирүүдө колдонулат. *Пай-пай, суунтун күчүн карачы, тим эле бетти жалайт* (Байтемиров). *Пай-пай, ушул имаратка биздин райондун элин бут киргизсе да бөксө келер эле* (Бейшеналиев).

**ПАЙВАНТ** *диал.* Жалгаштыруу, кыйыштыруу. *Кынаштырып чаптырып, Пайванттарын курдурдук* («Эл адабияты»).

**ПАЙГАМБАР** Диний түшүнүк боюнча: Кудайдын өкүлү, анын айтканын адамдарга түшүндүрүүчү, таратуучу адам. *Азирети Искендер Пайгамбар деген ушунда* («Манас»). *Пайгамбар барына азыр* (макал).

**ПАЙГАМБАР ЖАШЫ** Улгайып калган, алтымыш жаштан өткөн курак. *Пайгамбар жашында Кылычбек күлүк чапты.*

**ПАЙДА I** 1. Киреше, олжо. *Кызыл кулак сүткорго пайда чыгар мал жакшы* (Жантөшев). 2. Жакшылыкты көздөгөн иш, кандайдыр бир кызыкчылыкты, таламды көздөгөн жакшылык. *Өмүркул да ыраазы: «Кызыл чекте – элим көрсүн уулумдун пайдасын» деп* (Үмөталиев). *Карындашым талыкпа, Пайдаңды чач калыкка* (Токомбаев). *Жери көптөр кенен жерин сатышса, Жерден пайда табабыз деп ашыкса* (Жусуев). *Ден таза, сергек басым жүргөнүмдү, Деп билем өз үйүмө тийген пайда* (Узакбаев).

**ПАЙДА II: пайда болуу** Келип чыгуу,

көрүнүү, боло калуу. *Сен кайдан пайда боло калдың, ыя?* (Сыдыкбеков). *Кара сойлоктой шыпылдаган бала пайда болду* (Бейшеналиев).

**ПАЙДАКЕЧ** Пайда чыгарып алуучу, пайда таап алуу жагын гана ойлогон адам.

**ПАЙДАЛАН** Кандайдыр бир иште колдонуу, бир нерседен же бирөөдөн кандайдыр бир пайдалуу натыйжа көрүү үчүн колдонуу, керегине жаратуу. *Көрсөтмө куралдарды пайдаланып сабак өтүү. Эмгек куралдарынан пайдаланды.*

**ПАЙДАЛАНУУ** **пайдалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ПАЙДАЛАНЫЛ** **пайдалан** этишинин туюк мамилеси.

**ПАЙДАЛУУ** Пайдасы бар, пайда келтирүүчү, кандайдыр бир максат үчүн керектүү. *Ошентип, пайдалуу ишимди мугалимдик менен баштадым* (Сыдыкбеков). *Арашан менен Жети-Өгүз, Адамга дары, пайдалуу* (Бөкөнбаев). *Бир булак бар – пайдалуураак дайрадан! Бир булбул бар – бир күндө отуз сайраган* (Ж.Султаналиев).

**ПАЙДАСЫЗ** Пайдасы жок, пайда келтирүүгө, кандайдыр бир максат үчүн керегi тийүүгө жарактуу эмес, натыйжасыз.

**ПАЙДУБАЛ** 1. Дубалдын түбү, негизи, жер пайы. 2. Абдан калың, бийик дубал, чептин коргону.

**ПАЙИЗ** Пайда, береке, молдук, кенендик. *Мөмөлүү дарак көгөртсөң, Көчөтүн тигип көбөйтсөң, Кошулат пайиз-берекет* (Барпы).

**ПАЙИТ** Учур, убакыт, ыгы, жөнү. *Пайитин таап бир күнү, Жашынып кеттиң Маркайга, Жуучу коюп келишке, Барпыда жыйган мал кайда* (Барпы).

**ПАЙКЕЛ** Айдоо талаасы, аңыз, айдалган жер. *Анан чалдар коон пайкелдин ортосундагы кепеге кирип чайга отурушту* (Абдыраманов).

**ПАЙЛА** *диал.* Андуу, байкоо. *Эки карыш дураны, Ороп алып башыңа, Киши өлсө деп пайлайсың* (Барпы).

**ПАЙНЕК** 1. Жумуртканын тумтук жагы. 2. *диал. өт.* бычактын же кылычтын сабынын кармоочундагы коoздук. *Алтын пайнек, жез пайнек, Бычагында болбодум* (Эл ырлары). *Жети кадам бастырбай, Жез пайнек кылыч көтөрүп* (Токтогул).

**ПАЙСА I** **пакса** менен бирдей. *Алты пайса дубал.*

**ПАЙСА II** 50 грамм өлчөмүндөгү салмак чени. *Эки пайса чай.*

**ПАЙТАБА** Чылгоо, бут орооч.

**ПАЙТАХ** Хандын тагы. *Хан олтурган пайтахтай, Кыргыз, казак сураса, Башкой, Канай баласы* («Эл адабияты»).

**ПАЙТЕШЕ** Жыгач устанын балтасы, чот керки.

**ПАЙЧА** *диал.* Кызыл ашык, шыйрактын башы, бакай. *Андрей Попов чоң пайчалуу кара атына кошулган извошто жүрчү* (Абдыраманов).

**ПАЙЩИК** Пай төлөөчү киши, кандайдыр бир иштин пайына катышуучу киши. *Керек-жарак кооперациясынын пайщиктери.*

**ПАЙЫЗ** Бир бүтүн катарында алынган сандын жүздөн бир бөлүгү, бир бүтүндүн жүздөн бир бөлүгү (% белгиси менен белгиленет).

**ПАК** 1. Таза, ыпылас эмес. *Пак суу менен жуунуш керек.* 2. Таза, бузуктук кылбаган. *Күнөөдөн пак жүргөн адам.*

**ПАКЕНЕ** *диал.* Кыска, жапалдаш, жапыз. *Ыскак бою пакене, бирок чымыр, куудул жигит.*

**ПАКЕТ** 1. Тамак-аш салынуучу кагаз баштык, кагазга оролгон таңгак. 2. Ишке тиешелүү расмий каты бар конверт. *Солдат беш жеринен сургуч менен печатталган пакетти алып Медведевге берди* (Жантөшев). *Чабаган пакетти председателге сунуп, эки жагын кылчактай карады* (Сасыкбаев).

**ПАКИЗА** 1. Таза, ыплас эмес. 2. Бузуктук кылбаган, так жүргөн.

**ПАКСА** 1. Урма дубал, сокмо там. 2. Сокмо дубалдын катмары. *Үч паксалуу коргон ичине дарбазадан кирип, төрт-беш кадам баскандан кийин* (Мавлянов).

**ПАКТ** Эл аралык, зор саясий маанидеги келишим. *БУУнун Башкы Ассамблеясынын үчүнчү сессиясында адам укуктары боюнча биринчи универсалдуу эл аралык пактынын кабыл алынышынын 60 жылдыгын майрамдоо кабыл алынды* («Кыргыз Туусу»).

**ПАЛ I** *диал.* Шалы өстүрүү үчүн суу көлмөктөп тургудай кылып тегерете төрт бурчтук түрүндө көтөрүлгөн жал, жээк кылып көтөрүлгөн жер. *Пал жасап, толтуруп сууга, айдап аны, Жаз менен Дыйкан аба септи шалы* (Борбугулов). *Өрдөктөр палдын шалысын сыдырып жеп коёт* (Абдукаримов).

**ПАЛ II** Төлгө. *Жаңылбаган чоң чечен, Сүйлөгөн сөзү пал эле* («Эл адабияты»).

**ПАЛАКМАН** 1. *диал.* Салмоор, дубал талкалагыч. 2. Тик өлчөгүч салмоор.

**ПАЛАН** Кимдир, эмнедир. *Ат аттарын кармашты, Паландын аты күлүк деп* («Манас»).

**ПАЛАНЧА** **баланча** менен бирдей.

**ПАЛАҢ I** *диал.* Эскиче жыл эсебинде – барс жылы.

**ПАЛАҢ II** Жүк артылуучу ээр. Жүкчү кишинин жонундагы ыңырчак. Эшек ээрдин куюшканы.

**ПАЛАС** Жерге салынуучу түгү жок килем.

**ПАЛАТА I** Ооруканадагы, дарылоо жайларындагы оорулар жатуучу бөлмө. *Бул*

*оорулуу адамды 6-палатага жаткырышты.*

**ПАЛАТА II** 1. Мыйзам чыгаруучу жогорку мамлекеттик орган. 2. Кээ бир өлкөлөрдөгү өкүлдүк мекеменин аты. *Парламенттин жогорку палатасы. Төмөнкү палата.* 3. Кандайдыр бир багыттагы ишти алып баруу жагы жүктөлгөн кээ бир мамлекеттик мекемелердин аты. *Китеп палатасы. Соода палатасы.*

**ПАЛАТКА** Чатыр. *Көл жээгинде пионер лагеринин палаткалары көрүнөт.*

**ПАЛЕК I** *диал.* Көк, асмандын бийик алыстыгы. *Учкан куш тез эле палекке көтөрүлдү.*

**ПАЛЕК II** 1. Бакча өсүмдүктөрүнүн (коон, дарбыз, ашкабак ж.б.) узун кеткен өзөк сабагы. 2. Ичи ак ширин коондун бир сорту. *Өтө бышкан «басып алды» коон палегинен өзү үзүлүп, өзүнөн өзү чарт жарылган* (Касымбеков). – *Оозуңа ширин палек, айланайын! – деп элдин арт жагынан бир абышка кыйкыра сүйлөдү* (Жантөшев).

**ПАЛЕОЛИТ ДООРУ** Байыркы таш кылымы, б.з.ч. 35–30000–10000 жыл мурда өкүм сүргөн доор.

**ПАЛЕОНТОЛОГИЯ** Казылып алынган калдыктар жана тиричилик аракеттеринин издери боюнча өткөн доордогу жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү изилдөөчү илим.

**ПАЛИТРА** *сүр.* 1. Сүрөтчү иш үстүндө боёкторун аралаштырган төрт бурчтуу же сүйрү, анча чоң эмес жука такта. 2. *өт.* Сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында пайдаланылган көркөм каражаттар.

**ПАЛОО** Эт, май, сабиз жана башка татымал салып, күрүчтөн жасалган, демдеп бышырылган тамак. *Палоо бышып, табакка салынды* (Жантөшев).

**ПАЛУБА** Кеменин бети, үстү. «Б..» *колхозунан келген боз балдар үстүнкү палубага чыгып кетишиптир* (Сыдыкбеков).

**ПАЛЬМА** Башы куш жүнүнүн талындай эки жакка чачырап же желпигичтей жайылып турган жалбырактар менен капталган, ар дайым көгөрүп туруучу, бийик болуп сыйда чыккан түштүктө өсүүчү дарак.

**ПАЛЬТО** Костюмдун же башка жеңил сырт кийимдердин үстүнөн кийилүүчү этеги узун тыш кийим. *Кышкы пальто. Жеңил пальто. Тукаба пальто. Драп пальто. Чымкый кара пальтоңо алар жарашчу, Калган өңдүү байчечекей ачылып* (Эралиев).

**ПАМФЛЕТ** *адаб.* Кандайдыр бир адамга, коомдук түзүлүшкө, саясий абалга ж.б. каршы багытталган публицистикалык какшыктуу чыгарма.

**ПАН** Польшалык жана революцияга чейинки мезгилдеги украиналык, белорусиялык помещик, дворян. *Кутурган ач бөрүдөй хандар, пандар Мыжыккан жүрөгүңдү жазбай үчүн* (Токомбаев). *Пан Крушинский менен таанышкамын* (Шамшиев).

**ПАНАМА** Жазы талаалуу жайкы шляпанын бир түрү.

**ПАНАР** 1. Фонарь, айнектүү шам. *Эки көзү күйүп турган панарга окшойт* (Үмөталиев). 2. Чырактын шишеси, айнеги.

**ПАНАРТРИТ** Бир нече муундун чогуу сезгениши.

**ПАНБАРКЫТ** Жука жибек баркыттын бир түрү.

**ПАНДУРИ** *муз.* Грузиндердин эки же үч кылдуу чертме музыкалык аспабы.

**ПАНЕГИРИК** *адаб.* Адегенде Байыркы Грецияда жалпы элдик майрамдарда же көп калк катышкан жыйындарда мамлекеттик эң маанилүү маселелерди көтөрүп, же айрым бир адамдарды мактап сүйлөгөн сөздөр. Кийин булар пародиялык мааниге өтүп кеткен, адам ошого татыбаса дале ашкере мактап жиберген учурлар панегирик болуп калган.

**ПАНЕЛЬ** Үйдүн ички дубалынын төмөн жагына бойлото капталган тактай же боёлгон тилке. *Жаңгак жыгачынан жасалган панель.*

**ПАНЗООТИЯ** Жугуштуу ылаңдын көп малды дартка чалдыктыруу менен бир же бир нече өлкөгө таралышы.

**ПАНИ паани** менен бирдей. *Бул пани дүнүйөдөн бакы дүнүйөгө адам баласы бир күнү көчөт да.*

**ПАНИСЛАМИЗМ** Ислам динindeги элдерди дүйнөлүк бир мамлекетке бириктирүүгө далалаттанган агым.

**ПАНКРЕАТИН** Уйку безинен жасалган дары препарат.

**ПАНКРЕАТИТ** Уйку безинин сезгеничтүү дарты.

**ПАННО** 1. *арх.* Шыптын, дубалдын сүрөт, скульптура же оюмдар менен кооздолгон бөлүгү. 2. Архитектуралык жасалганын тутумунда дубалдын бир жагын бүт ээлөөчү калың кездемеге тартылган сүрөт.

**ПАНОРАМА** 1. Бийиктен караганда алыска созулуп жаткан жердин кең көрүнүшү. *Шаардын панорамасы.* 2. Жарыгы төбөсүнөн түшүп турган тегерек бөлмөнүн бооруна тартылган көлөмдүү сүрөт. *Севастополь панорамасы.*

**ПАНСИОН** 1. Революцияга чейинки Россиядагы жатаканалуу орто мектеп. 2. Туруучуларды тамак-аш менен жана башка бардык жактан камсыз кылып тейлеп туруучу кичине мейманкана. 3. Бирөөнүн үйүндө акча төлөп тамак ичип, жатып туруу.

**ПАНСИОНАТ** Пансион (2-маанисинде).

**ПАНТЕИЗМ** Кудайды жаратылыш менен окшоштуруучу диний-философиялык көз караш.

**ПАНТЕОН** 1. Байыркы гректердин жана римдердин сыйынган храмы, мазар. 2.

Атактуу адамдардын сөөгү сакталуучу имарат.

**ПАНТЕРА** Мышык тукумуна кирүүчү чаарала же кара жүндүү жырткыч айбан.

**ПАНТОГРАФ** *сүр.* Окшоштуктун геометриялык касиеттерине негизделген, сүрөттөрдү көрүү үчүн колдонулуучу анча татаал эмес курал.

**ПАНТОКРИН** Жаш маралдын мүйүзүнөн алынып жасалган дары. Организмге жалпы эле дем бере турган касиетке ээ.

**ПАНТОМИМА** Сөз сүйлөбөстөн, музыканын коштоосунда ымдоо, жандоо аркылуу ойнолуучу театр оюну.

**ПАНТҮРКИЗМ** *тар.* Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин түпкү маданий-этностук тектештигин даңазалоо, аларды бирдиктүү түрк мамлекетинин карамагына баш коштуруу максатын көздөгөн XIX к. аягы XX к. башында айрым түрк элдеринин арасында пайда болгон улуттук идеология.

**ПАНТЫ** *аңч.* Жаш бугунун, чаар бугунун ж.б. ката элек мүйүзү.

**ПАНТЮРКИЗМ** **пантүркизм** менен бирдей.

**ПАҢСАТ** *тар.* Беш жүз кишинин башчысы, ошондой эле басмачылар отрядынын башчысы. *Кабар берди элине, Увазир, паңсат, бегине* («Эл адабияты»).

**ПАПИК** **бапик** менен бирдей.

**ПАПИРОС** Тартуу үчүн ичине тамеки толтурулган кагаз түтүк, чылым. *Калыбек колундагы өчүп калган папиросун сууга ыргытты* (Шимеев). *Мергенчи койчудан жай сурап папирос тарта баштады* (Сасыкбаев).

**ПАПИРУС** 1. Тропиктик камыш өсүмдүк. 2. *тар.* Байыркы египеттиктер ж.б. элдер жазуу үчүн колдонгон ушул өсүмдүктөн жасалган материал.

**ПАПКА** 1. Ичине кагаз салып сакташ үчүн ылайыкталып картондон, булгаарыдан ж.б. жасалган мукаба, кармагычы жок портфель. *Сапар папкасын колтуктап Шариптин артынан чыкты* (Бейшеналиев). 2. *инф.* Кеңсе папкасы түрүндөгү белги менен компьютердин экранында чагылдырылган колдонуучунун графиктик интерфейсинде программа, файлдарды ичине жыйноо үчүн контейнер.

**ПАР I** 1. Жуп, түгөй. *Пар ат чегилген араба.* 2. *өт.* Тең, теңдеш. *Зарлап жүрүп мен таптым, Санаамда курдаш парымды* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ПАР II** Куштун жүнү, канаты, куштун мамыгы. *Ак кептер учту, пар калды, Коёнек жүргөн сай калды* (Токтогул). *Пар жаздыкты өзү туруп апкелип, бектин чыканагына коё салды* (Касымбеков).

**ПАРА** Кандайдыр бир мыйзамсыз жол менен өз кызыкчылыгын иш жүзүнө ашыруу үчүн кызмат адамына берилген акча же белек. *Пара берген чыгымын, Ар түтүнгө салчу эле* (Токомбаев).

**ПАРАБОЛА** 1. *мат.* Конус менен тегиздиктин кесилишинен пайда болгон ийри сызык. 2. Каймана сөз, тарбия-таалимдик каймана мазмундагы чакан аңгеме.

**ПАРАГРАФ** Китептин, жобонун, макаланын ж.б. ичиндеги өз алдынча мааниге ээ болгон жана белгиси менен катар сан коюлуп белгиленүүчү бөлүгү.

**ПАРАД** Мамлекеттик салтанаттуу окуяларга байланыштуу аскер бөлүктөрүнүн салтанаттуу кадам менен жүрүшү, спорт, мектеп, жаштар уюмдарынын ж.б. салтанаттуу жүрүшү. *Атчан аскерлердин парады. Жөө аскерлердин парады. Спортсмендердин парады. Биринчи Май парады.*

**ПАРАД-АЛЛЕ** Көрсөтүүнүн катышуучуларынын аренага салтанаттуу чыгышы.

**ПАРАДИГМА** 1. *грамм.* Жөндөө, жактоонун үлгүсү, мисал үчүн алынган бир сөздүн түрдүү формага салынган системасы. 2. Далилдөө, салыштыруу үчүн тарыхтан алынган мисал.

**ПАРАДОКС** 1. Адат болуп калган, калып алып калган пикирге кайчы келе турган. Акылга сыйбай турган көбүнчө сыртынан гана өзгөчөлүктүү пикир. 2. Кабыл алынган түшүнүккө ылайык келбеген, адаттан тыш көрүнүш.

**ПАРАЗИТ** 1. *биол.* Мите, башка организмдин эсебинен жашоочу өсүмдүк же жаныбар. 2. *өт.* Арам тамак, жатып ичер.

**ПАРАЗИТИЗМ** 1. *биол.* Мителик, бир организм экинчи организмге кирип алып, ошону соруп жашоо. 2. *өт.* Башка адамдардын күчүн жана мүмкүнчүлүгүн зарылчылыкка байланыштуу эмес эксплуатациялоо менен бөлөк бирөөнүн эмгегинин, эмгектенбей тапкан кирешелердин эсебинен жашоо.

**ПАРАЗИТОЛОГИЯ** Мителерди, алардын түзүлүшүн, өөрчүү циклин, козгогон ооруларын жана аларга каршы күрөшүү жолдорун изилдөөчү илим.

**ПАРАКОР** Пара алуучу, пара жегич. *Паракорлор кызыгат, Бир токочтук тыйынга* (Барпы).

**ПАРАЛА** Пара берүү, пара берип өз пайдасына иштетүү. *Толтуруп «кедеймин» деп анкеттерди, Паралап баягыда нечендерди* (Элебаев).

**ПАРАЛАТ** **парала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ПАРАЛИНГВИСТИКА** *лингв.* Пикир алышуудагы тилдик эмес каражаттарды (жаңдоо, жаңсоо, кыймылдык өзгөрүүлөр) изилдөөчү тил илиминин тармагы.

**ПАРАЛЛЕЛИЗМ** 1. *мат.* Сызыктардын бирдей аралыкта катарлашып жарыш абалда болушу. 2. Көрүнүштөрдүн бирдейлиги, жанаша жүрүшү, бир эле иштин бир нече

жерде катар иштелиши. *Эки мекеменин ишиндеги параллелизм.* 3. *адаб.* Эки же андан артык предметти, көрүнүштү катар коюу менен поэтикалык мазмунду ачып берүү жолу. *Бетеге кетет, бел калат, Бектер кетет, эл калат. Осмо кетет, каш калат, Оомат кетет, баш калат* (Барпы).

**ПАРАЛЛЕЛЬ** 1. *мат.* Арасы бирдей эки жарыш сызык. 2. *геогр.* Жер шарынын экваторго жарыш алынган болжолдуу сызыктары, тилкеси.

**ПАРАЛОО** **парала** этишинин кыймыл атоочу.

**ПАРАМЕТР** 1.Белгилүү бир маселенин чегинде гана туруктуу өлчөмгө ээ тамга менен белгиленген математикалык өлчөм. 2. *экон.* Экономикалык процессте олуттуу таасир тийгизүүчү чондук көрсөткүч.

**ПАРАНДА** *диал.* 1. Куш, куштар, учуучулар, учуп жүрүүчүлөр. *Парандага ар түрдүү, Тил чыгарган аккан суу* (Барпы).

**ПАРАНЖЫ** Кээ бир түрк элдеринин аялдары бетин көрсөтпөө үчүн жамынуучу чүмбөт, парда. *Анархан менен Дарыяхан көчөгө чыкканда дайыма паранжы жамына турган* (Жантөшев).

**ПАРАПСИХОЛОГ** Парапсихология боюнча адис.

**ПАРАПСИХОЛОГИЯ** Сезгичтиктин нормасын, кабыл алуунун өтө сезгич формасын, адамдын телепатиялык сапатын изилдеген психология илиминин бир тармагы.

**ПАРАСАТ** Зээн, билгичтик, тапкырлык. *Акыл-парасаты бар даана жигит. Адебиңди бек сактап, Кылсаң болот парасат* (Барпы). *Артта калып абийир менен парасат, Адамдардан ыйман качып баратат* (Сыдыков).

**ПАРАСАТТУУ** Эстүү, билгиликтүү, баамчыл, салабаттуу.

**ПАРАФИН** Нефть, торфтон алынган ак же сары түстүү мом сымал нерсе.

**ПАРАФИРЛӨӨ** Келишимдин текстине макул болууну билдирүү иретинде сүйлөшүп жаткан тараптардын полномочиелүү өкүлдөрүнүн инициалдары менен договорго (келишимге) же анын айрым беренелерине алдын ала кол коюу.

**ПАРАФРАЗА** Башка бирөөнүн оюн өз сөзү менен айтып берүү.

**ПАРАЦЕТАМОЛ** Тутумунда ацетоаминфенол заты бар, ооругандыкты сездирбей, дененин ысыгын төмөндөтүүчү дары.

**ПАРАШЮТ** Өтө бийиктиктен же самолёттон секирип түшкөндө же жүк түшүргөндө абада ачылып кетип, төмөндөө ылдамдыгын акырындатуучу чоң чатыр. *Парашют менен секирүү. Казандап учат жалбырак, Парашюттай салбырап* (Үмөталиев).

**ПАРАШЮТИЗМ** Парашют менен секирүү теориясы жана практикасы, парашют спорту. *Парашютизм өөрчүдү, Атагы көккө угулуп* (Үмөталиев).

**ПАРАШЮТЧУ** Парашют менен секирип түшүүчү, парашютизм менен киришкен адам.

**ПАРБАНА** Түнкү көпөлөк, чыракка айлана турган көпөлөк, жетим көпөлөк. *Парбана болуп айланып, Башыңда жүрөт бул ажал* (Барпы).

**ПАРБАРДИГЕР** Кудай, жараткан. *Парбардигер кудайга, Бар беле менин жазганым. Бет алып кирсе соо койбос, Беш уруу кыргыз эли бар. Барбардигер жар болгон, Берен Кошой дагы бар* («Манас»).

**ПАРВАНАЧЫ** *тар.* Бухара кандыгынын убагында: кандын буйругун таратып берип туруучу мансап, кызмат адамы. *Биринчи увазир Калназар парваначы көтөрүлүш чыгарып жаткан тоолуктардан белгилүү* (Касымбеков).

**ПАРДА I** Көшөгө, эшикке же терезеге тартылуучу, калкалап коюуга ылайыкталган кездеме. *Үйдүн терезелерине парда тартылып, гүлдөр коюлган* (Баялинов). *Күңүрт парда тартына, Күүгүм септи түн дагы* (Байзаков).

**ПАРДА II** 1. Көзү ачылуу. 2. Акыл кире баштоо. *Пардагын көздү кең Алай! Көптү көрүп, көз пардадым күрөш менен жашымдан.*

**ПАРДАЗ** 1. *диал.* Жылмалоо, текшилөө, жалтыратуу. 2. *өт.* Бетти майлоо, агартуу, сыйпануу. *Аялдын эч кандай пардазсыз жүзүнө, өмүрүндө эч кандай оорубагандай таза ырайына карап...* (Абдыраманов).

**ПАРДАН** Акылман, жөн билги, эстүү. *Копол сөздү сүйлөбөй, Пардан кылган жакшы экен. Жалгыз келсе сүрөөлөп, Шагдам кылган жакшы экен* (Барпы).

**ПАРЕНДЕ** Канаттуулардын жалпы аты. *Паренде этин бышырып, Баарынын ачуу кабагын* («Эл адабияты»). *Кайра айланып таппай калдым ордунан, Пары окко учкан парендеге окшотуп* (Шатманов).

**ПАРЗ** Ислам дининин жобосунда: иштесе сооптуу, иштебесе күнөөлүү, ишенбесе ыймансыз боло турган чечим. Парзга: исламдын чындыгына ишенүү, күнүгө беш жолу намаз окуу, рамазан айында 30 күн орозо кармоо, жыл сайын малынан зекет берүү, өмүрүндө бир жолу Мекеге баруу кирет.

**ПАРЗАНТ** *туурасы:* **перзент**. *Өмүрдө парзант көрбөй кайгы тарткан. Өкүнүп жаратканга арзын айткан.* (Бөкөнбаев). *Айттым эле Бөкөйгө Парзантым, сенин зарыңан* (Үсөнбаев).

**ПАРИК** Жасалма чач, кийме чач.

**ПАРИКМАХЕР** **чач тарач** менен бирдей.

**ПАРИТЕТ** Теңдик, барабардык, тең укуктуулук.

**ПАРК** 1. Абдан жайлуу чоң бак, ичинде адамдар эс алып сейилдеп жүрүүгө, ойноп көңүл ачууга, отуруп дем алууга шарт түзүлгөн чоң бактуу жай. *Түркиянын Анкара, Элазык аттуу шаарларында Чыңгыз Айтматов атындагы парктар ачылды.* 2. Армияны жабдуучу көчмө склад. 3. Машина, трамвай ж.б. токтоп туруучу жана ремонттолуучу жай. *Трактор паркы. Трамвай паркы.*

**ПАРКЕТ** Майда тактайдан геометриялык фигура түрүндө төшөлүп жасалган пол. *Паркет төшөө.*

**ПАРЛАМЕНТ** Шайлоо аркылуу түзүлгөн мыйзам чыгаруучу жогорку орган. *Бул шайлоонун айырмасы – парламенттеги партиялык орундар 120дан 135ке чейин көбөйтүлдү.*

**ПАРЛАМЕНТАРИЗМ** Башында парламент турган мамлекеттик башкаруу системасы.

**ПАРЛАМЕНТЁР** Согушта душман менен сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө жиберилген элчи.

**ПАРЛАМЕНТТИК парламентке** таандык.

**ПАРМАН** Кудуреттүү күч. *Кудайдын парманы менен мен да үч бөлмөлүү үйгө жеттим* («Ала-Тоо»). *Он миңдеген эмгекчил букаралар падыша өкмөтүнүн парманына каршылык көрсөтүштү* (Абдукаримов). *Акындарга акын турат Пар болуп, Андай парман берилгенсип Алладан* (Гилязетдинов).

**ПАРНИК** Эрте бышуучу жашылчаларды, көчөттөрдү өстүрүү үчүн арналган, үстү алынып коюлма айнектелген рамалар менен жабылган жай, жылыткыч.

**ПАРОВОЗ** Темир жол поездин сүйрөп жүрүүчү буу кыймылдаткычтуу локомотив. *Алып бир учту паровоз, Агайын-тууган кайыр кош* (Эл ырлары).

**ПАРОДИЯ** 1. Кандайдыр бир искусство чыгармасын, анын сырткы формасын, ыргагын сактоо менен тамашалуу шылдыңчыл тууроо. 2. Сырткы окшоштугун сактоо маанисин тескери буруу; идеялык маңыздан алыстаган сырткы тууроо.

**ПАРОКСИЗМ** Талма, капыстан кармап калгандык, оорунун кез-кези менен кармашы.

**ПАРОЛЬ** 1. Өз адам экендигин билдирүү үчүн колдонулган жашыруун сөз, шарттуу белги. *Акматты үнүнөн тааный койгон Маманазар алкымы буулуп, кырылдаган үнү менен паролун зорго айтты* (Жантөшев). 2. *комп.* Жеке компьютерди башка бирөөлөр колдонууга б.а. ачып иштөөгө мүмкүндүк бербей турган жашыруун сөз, белги.

**ПАРОМ** Адамдарды, жүктү ж. б. суудан өткөрө турган чоң, жалпак калаксыз кайык же сал.

**ПАРОМЧУ** Паром менен алып өтүүчү киши.

**ПАРОНИМ** Өздөштүрүп алган тилдин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөрүлүп кеткен башка тилден кирген сөз. Мисалы, бөлкө (булка), самоор (самовар), сөлкөбөй (целковый), чиркөө (церковь).

**ПАРОХОД** Буу кыймылдаткычы аркылуу жүрүүчү кеме. *Пассажир пароходу. Жүк ташуучу пароход.*

**ПАРПАША** Илгери Самаркандда, Анжыянда, Бухарада чыгарылган кымбат жибек кездеменин бир түрү. *Адилет эмгек кылгандын, Үстүнө кийип жатканы, Ак парпаша тон болот. Иш кылбаган жалакай, Айлында жүрүп зоңкоюп, Атала таппай кор болот* (Терме).

**ПАРПЫРАК** *диал.* Балдар узун жипке байлап, асманга учуруучу оюнчук. *Башым ооруйт дегенде, Парпырактай айланган, Эне өлбөс болсочу* (Терме).

**ПАРТ** 1. Куштун жүнү, канаттуунун жүнү. 2. *өт.* Түк, түктүү. *Тооктун партын жулуш керек.*

**ПАРТА** Үстүңкү тактайы эңкейиш келип, отургучу менен бириктириле жасалган окуучулар отуруу үчүн ылайыкталган стол.

**ПАРТАЛ АТ** Жүк жүктөлгөн ат. *Партал атты жетелеп, Улуу жолду төтөлөп* («Эл адабияты»).

**ПАРТБИЛЕТ** Партия билети.

**ПАРТВЗНОС** Партиялык взнос.

**ПАРТЕР** Көрүү залынын төмөнкү орундары. *Партерде отурсаң, эң жогорку ярустардагы кишилер асканын башына чыгып отурган балдар сыяктуу кичинекей көрүнүшөт* (Шимеев).

**ПАРТИЗАН** Өз Ата мекенинин эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн душман басып алган аймактагы уюшулган партизандык күчтөрдүн катарында өз эрки менен согушуп жаткан адам.

**ПАРТИЗАНДЫК** Элдин өз алдынча уюшкан отряддарынын душмандын тылында ага каршы жүргүзгөн куралдуу күрөшү, партизандардын жүргүзгөн күрөшү, аракети, абалы; партизанчылык. *Эр бүлө.. партизандык кылууга токойго кетишти* (Сыдыкбеков). *Партизандык согуш. Партизандык кыймыл. Партизандык отряд.*

**ПАРТИЗАНЧЫЛЫК партизандык** менен бирдей.

**ПАРТИТУРА** *муз.* Оркестр, көрк үчүн жазылган көп үндүү музыкалык чыгарманын бардык партияларынын нотага түшүрүлгөн жыйындысы.

**ПАРТИЯ** 1. Кандайдыр бир таптын, саясий топтун уюмдашкан жогорку формасы болуп, ошол таптын, топтун бир кыйла активдүү бөлүгүн түзгөн, анын таламын жактап жана каршы тараптарга идеологиялык күрөш жүргүзгөн саясий уюм. *«Ак Жол» партиясы.* «Ата-Мекен» *партиясы.*

*Демократиялык партия. Өзүм сүйүп, өзүм кирген партия, Берчи мага кыйын-кыйын тапшырма* (Үмөталиев). 2. *сүйл.* Партиянын мүчөсү. 3. Белгилүү бир максатта биримдешкен же бириктирилген адамдардын тобу, отряд. *Геологиялык партия. Изилдөөчүлөрдүн партиясы.* 4. Белгилүү бир өлчөмдөгү, көбүнчө көбүрөөк сандагы товарлардын, нерселердин тобу. *Товарлардын жаңы партиясы. 5. муз.* Көп үндүү музыкалык чыгарманын бир аспап же бир киши тарабынан аткарылган айрым бөлүгү. *Скрипканын партиясы. Ленскийдин партиясы. 6.* Бир жолку ойнолгон оюн, бир саам оюн. *Бир партия шахмат ойноо.*

**ПАРТИЯЛУУЛУК** 1. Партияга мүчө болгондук, партиянын катарында болгондук. 2. Белгилүү бир партиянын, белгилүү бир таптын принциптери менен максатына ылайык келүүчүлүк. *Советтик адабий сын адабияттын партиялуулугунун принцибин түшүндүрүп жана пропагандалоого тийиш болгон.*

**ПАРТИЯЛЫК партияга** таандык. *Партиялык уюм. Партиялык жоопту кызмат.*

**ПАРТКОМ** Партиялык комитет.

**ПАРТНЕР** *к.* **өнөктөштүк.**

**ПАРТОРГ** *тар.* Советтик коомдо жергиликтүү уюмдарда партиялык идеологиялык иштерди уюштуруучулар ушинтип аталган. *Цехтин парторгу.*

**ПАРУС** 1. Кеменин түркүктөрүнө керилип байланып, жел согуу аркылуу кемени, кайыкты айдоого ылайыкталган калың кездеме. 2. Жел кайык.

**ПАРФЮМЕРИЯ** Жыпар жыттуу жана косметикалык товарлар.

**ПАРЧА** 1. *диал.* Бөлүк, кесим, үзүм. *Бир парча нан сындырып берчи.* 2. Алтын же күмүш түстүү жалтырак жип кошулуп токулган жибек кездеме.

**ПАРЫЗ парз** менен бирдей. *Ата менен эненин эзелден берки биринчи парызы – баланы өстүрүп чоңойтуу* (Абдукаримов).

**ПАС I** 1. Төмөн, ылдый, жапыз. *Оромолуң пас тартып Бүркөнөсүң, өзгөчөм* (Барпы). *Бирөө бийик, бирөө пас, Бир болбойт жандын баарысы* (Осмонкул). *Ал бою пас, арыкчырай, бирок тырышчаак бала* (Каимов). 2. *өт.* Анчалык эмес, начар, бош, төмөн, көтөрүңкү эмес. *Пас болуп отурган Мыякандын үнү эми көтөрүңкү чыкты* («Ала-Too»). *Акылман Жамгыр жан элем, Мени асылган оору пас кылдың* (Үсөнбаев). 3. *диал.* Тайыз. *Акылы пас бала экен. Пас адамга баргычакты, жумушун, Жасаар элем жакшы адамдын түрүнүп* (Шатманов).

**ПАС II: бир пас** Бир аз убакыт, аз убакыт. **Бир паста** – аз убакыттын ичинде, тез эле, ары-бери. *Адам болмок – аста-аста, айбан болмок – бир паста* (макал).

**ПАСАҢ** *диал.* Кадак ташы, теңдегич кадак таш. *Таразада пасаң бар, Жалган сөздө касам бар* (Терме).

**ПАСПОРТ** 1. Ким экендигин, жарандыгын күбөлөөчү документ. *Жарандык паспорт. Мөөнөтсүз паспорт.* 2. Машиналардын ж.б. чарба жабдыктарынын каттоодон өткөзүлгөндүгүн билдирүүчү документ. *Станоктун паспорту.*

**ПАССАЖ** 1. Жарыш көчөнүн ортосунда жайгашкан, эки тарабында тең кирүү эшиктери бар, эки тарабы мандайлаш соода кылуучу бөлүмдөрдөн турган галарея. 2. Музыкада аткарууга кыйын виртуоздук музыкага мүнөздүү болгон ылдам аткарылуучу добуш катарларынын ирээт белгиси.

**ПАССИВ** 1. *бух.* Бир ишкана же мекеменин жалпы карызы же милдети. 2. *грамм.* Этиштин туюк формасы.

**ПАССИВДҮҮ** Активдүү эмес, ынтаасыз, демилгесиз, ишкер эмес.

**ПАСТА I** Камыр өңдүү масса. *Жатаарда атайын тиш пастасы же порошогу менен щетка аркылуу тишти таза жууп туруу эң эле пайдалуу* («Ден соолук»).

**ПАСТА II** Төмөндөө, ылдыйлоо. *Акылай онунчу чырактын пастаган билигин жогорулатты* («Ала-Too»).

**ПАСТАК** *диал.* Төмөн, жапыз.

**ПАСТАТ паста** этишинин аркылуу мамилеси.

**ПАСТЕЛЬ** 1. Жумшак боёк карандаш. 2. Ушундай карандаштар менен тартылган сүрөт.

**ПАСТЕРИЗАЦИЯЛОО** Суюктукту ысытуу жолу менен зыяндуу микробдордун өөрчүп кетүүсүнөн сактоо.

**ПАСТОО** Ылдыйлоо, жайлап калуу. *Баратты баягылар өрттөй каптап, Кыргызча каргыш укса деми пастап* (Өмүрканов).

**ПАСТОРАЛЬ** Бейпил табияттын фонунда малчы, койчулардын турмушун сүрөттөп, идеализациялап чагылдырган адабият, музыка, сүрөт искусствосунун чыгармасы.

**ПАСТЫК** 1. Төмөндүк, жапыздык. 2. Адамгерчилиги жоктук, жамандык, адамгерчилиги төмөндүк. *Менин туугандарым өздөрүнүн пастыгын, ач көз, сараңдыгын көрсөтүштү* (Токомбаев). *Байкап тааный баштадык, Асылдык менен пастыкты* (Токомбаев).

**ПАТЕНТ** 1. Салык кызматы тарабынан берилип, салык төлөөчүнүн тиешелүү салыкты төлөгөндүгүн жана белгилүү бир экономикалык ишмердүүлүк менен иштөө укугун күбөлөндүрө турган документ. 2. Тийиштүү мамлекеттик орган тарабынан ойлоп табууга карата өзгөчө укугун, авторлугун, соода же бир нерсе өндүрүү укугун берүүчү күбөлүндүрүлгөн документ.

**ПАТЕТИКА** Күчтүү сезимдүүлүк, ышкылуулук, таасирдүүлүк, салтанаттуулук.

**ПАТЕТИКАЛУУ** Патетика катышкан, күчтүү сезимдүү, салтанаттуу. *Патетикалуу сөз.*

**ПАТЕФОН** Чакан үкөк формасындагы граммофондун бир түрү. *Үйүнө кайтканда патефон коюп, музыка укканды Ниязкул жакшы көрөт* (Токтомушев).

**ПАТИР I** *диал.* Сүткө, майга жуурулуп, тандырга же очокко жаап бышырылган нан. *Кардыңы жарат кампайтып, Бышырып койгон патири* (Барпы).

**ПАТНОС патунус** менен бирдей.

**ПАТИССОН** Ашкабак түркүмүндөгү бир жылдык бакча өсүмдүгү.

**ПАТОГЕНЕЗ** *мед.* Тумоонун, дарттын, ылаңдын чыгышын, өөрчүшүн окутуучу илим.

**ПАТОЛОГИЯ** Нормадан чыккан, нормадан тайган.

**ПАТРИАРХ** 1. Уруу коомундагы уруунун башчысы, аксакалы. 2. Православный чиркөөдө – жогорку дин бийлигине ээ болгон дин адамынын титулу.

**ПАТРИАРХАТ** Урууучулук түзүлүштүн өнүгүүсүндөгү матриархат доорун алмаштырган, тукум, уруу, тууганчылык мамиле атага, эркекке байланыштуу жүргүзүлө баштаган, коомдо, коомдук өндүрүштө атанын, эркектин ролу үстөм болгон, уруктун башында патриарх турган коомдун формасы.

**ПАТРИОТ** *к.* **мекенчил.** *Токтогул өзүнүн жерин, өзүнүн элин сүйгөн улуу патриот болгон* (Бөкөнбаев).

**ПАТРИОТИЗМ** *к.* **мекенчилдик** *Улуттук патриотизм. Советтик жоокерлердин патриотизми.*

**ПАТРИОТТУК** Патриотизм менен шыктанган, патриотко таандык. *Кыргыз элинин кимисинин болсо да жүрөгүндө патриоттук жалын бар.*

**ПАТРОН I** 1. *тар.* Байыркы Римде өзүнө көз каранды болгон кембагал жарандарды коргоо жана колдоо милдетин өз мойнуна алган адам. 2. Ишкананын, фирманын ээси (өз карамагындагыларга карата).

**ПАТРОН II** 1. Ок чапталган мылтык жези, атууга даярдалган ок. *Отуз экинчи мылтыктын патрону. Даяр патрон.* 2. *тех.* Ар түрдүү приборлордо бир нерсени киргизип бекитүүчү көңдөй түтүк же цилиндр. *Электр патрону.*

**ПАТРОНАЖ** Кимдир бирөөнүн колдоосу.

**ПАТРОНТАШ** Патрондорду салып коё турган көзөнөктүү бөлүкчөлөрү бар, көбүнчө кур катарында курчанып ала турган ок салгыч, ок салгыч сумка. *Патронташым белимде, Бат барбадым элиме* (фольк.).

**ПАТРУЛДУК** Патруль болуу милдети, патрулга таандык кызмат. *Патрулдук кылуу.*

**ПАТРУЛЬ** Белгилүү райондо, согуш кемесинде, самолётто тартип сактап, коопсуздукту камсыз кылуу үчүн коюлган (аскер бөлүгүнүн, милициянын жана башка ушул сыяктуулардын) кичинекей отряды. *Патрулдар «Келе жаткан ким?» – дегенче, Жумушун бүттү кылыч Кубат чапкан* (Үмөталиев).

**ПАТУНУС** Тамак салынган идиштерди коюп дасторконго алып баруу же үстүнө нан, ар кандай жемиш салып дасторконго коюу үчүн арналган, тегереги кырдалып кайрылган ар кандай формадагы жайпак темир идиш, такта, патнос. *Жылдырды патунусту биз тарапка, Бир ширин тордомолуу коонун союп* (Үмөталиев).

**ПАТЫР** *к.* **патир.**

**ПАХТА** 1. Буласынан кездеме жана башка нерселер жасалуучу, уругунан май жана башка нерселер алына турган, ысык жакта өсүүчү бир жылдык техникалык өсүмдүк. *Пахта өстүрүлгөн талаа.* 2. Ушул өсүмдүктүн буласы. *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, Күлүп дыйкан эмгегине сүйүндү* (Бөкөнбаев). *Элесиң келет көзүмө, Ак пахта терген сулуудай* (Маликов).

**ПАХТАЗАР** Пахта эгилген жай, пахта талаасы, пахта аңызы. *Нартажы күн сайын пахтазарды аралап, суу тилеген жерлерине суу жайып, кошумча азыктарды тынымсыз чачып турду* («Советтик Кыргызстан»).

**ПАХТАКЕР пахтачы** менен бирдей. *Пахтакер макмал Түштүктүн, Тарыхы менен баракташ* (Токтакунов).

**ПАХТАЛУУ** 1. Пахта айдалган, пахта өскөн. *Пахталуу талаа, өзөндүн Мактоого көркүн чеченмин* (Бөкөнбаев). 2. Пахта салынган, ичинде пахтасы бар. *Башында тумак жеңенин, Пахталуу күрмө кийгени* (Маликов).

**ПАХТАЧЫ** Пахта өстүрүүчү. *Алпештеп аны өстүргөн Азамат дыйкан пахтачы* (Токомбаев). *Пахтачы, малчы досторум, суроого сенден акым бар* (Осмонкул).

**ПАХТАЧЫЛЫК** Пахта өстүрүүчүлүк, чарбанын көбүнчө пахта өстүрүү багытындагы тармагы. *Кыргызстандын көп тармактуу чарбасында көрүнүктүү орундардын бирин пахтачылык ээлейт* («Коммунист»).

**ПАЦИЕНТ** Дарылануу, көрүнүү үчүн дарыгерге келген оорулуу адам.

**ПАЦИФИЗМ** Тынчтык, таттуулаштык. Согуштун кандай гана түрү болбосун жактырбоочулук, согуштук аракеттерди айыптоочулук.

**ПАЧАК** *диал.* 1. Начар, жараксыз. 2. Майда, майдачыл. *Очогунун башынан алыс узай албаган пачак адам.* 3. Тешүү, кесүү, тилүү, жаруу, талкалоо, майдалоо. *Дөңгөчтү пачактап отун кылды.*

**ПАША I падыша** менен бирдей. *Кан менен ээлейт турбайбы, пашалар алтын*

*тактысын* (Токомбаев). *Манаптар мага кас болуп, Пашанын туштум торуна* (Токтогул).

**ПАША II** *диал.* Чиркей.

**ПАШАА падыша** менен бирдей. *Келиним Карача пашаа баласы, Жаңы өспүрүм бала эле* («Эл адабияты»).

**ПАШАЙЫ** Кустардык станокто согулган эриши жибек, аркагы жип, эни тайкы, айчык гүлдүү кездеме. *Пашайы, килем, жабуу, шайман, жарак, Ар түрдүү ачуу, таттуу алгын шарап* (Токомбаев).

**ПАШАКАНА** *диал.* Чиркейден коргой турган тор, чатыр.

**ПАШТЕТ** 1. Эттен, боордон эзип, жууруп жасаган тамак. 2. Арасына ошол эле этти салып бышырылган нандын бир түрү.

**ПАЯ** Өсүмдүктүн сабагы, маясы.

**ПАЯЛЬНИК** *к.* **кандагыч.**

**ПЕГАС** 1. *миф.* Байыркы грек мифологиясында Зевстин канаттуу аты. Анын туягы түшкөн жерден, Геликон тоосунан акындарга эргүү берүүчү керемет булак атып чыккан. 2. *өт.* Поэзиянын символу, талант, шык: пегаска минүү – ыр жазуу, акын болуу. 3. *астр.* Түндүк жарым шардын жандооч жылдызы.

**ПЕДАГОГ** Окутуу жана тарбиялоо иштерин кесип кылып алган адам, мугалим. *Педагог ата ар дайым уулунан кайда барганын, эмне көргөнүн көп суроочу* (Касымбеков). *Ал педагог, мен доктор, Түшүнөбүз баарына* (Токомбаев).

**ПЕДАГОГИКА** Окутуу, билим берүү жана тарбиялоо усулдары жөнүндөгү илим.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК** 1. **педагогикага** таандык. *Педагогикалык адабият. Педагогикалык илимдер академиясы. Педагогикалык идея.* 2. Педагогдорду, мугалимдерди даярдай турган. *Педагогикалык институт. Педагогикалык техникум.*

**ПЕДАГОГИЯ педагогика** менен бирдей.

**ПЕДАНТ** Өтө эле бышыксынган, тыкансынган, майдачыл адам. *«Малыматтуу педант дешти алар, Маңдайында жазган шык да бар»* (Пушкин).

**ПЕДАНТИЗМ** Педанттын жүрүш-турушу, ой-пикири.

**ПЕДВУЗ** *сүйл.* Орто мектептер үчүн мугалимдерди даярдап чыгаруучу педагогикалык жогорку окуу жайы.

**ПЕДИАТР** Балдардын оорусу боюнча адис, балдар дарыгери.

**ПЕДИНСТИТУТ** Педагогикалык институт (орто мектептер үчүн мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайы).

**ПЕДСОВЕТ** Педагогикалык совет.

**ПЕДТЕХНИКУМ** Башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдап чыгаруучу педагогикалык орто окуу жайы.

**ПЕДУЧИЛИЩЕ** Башталгыч мектептердин мугалимдерин, ошондой эле балдар бакчаларынын тарбиячыларын даярдоочу педагогикалык орто окуу жайы.

**ПЕЙЗАЖ** 1. Кандайдыр бир жердин, табияттын көрүнүшү. – *Да, досум, сонун жер, эстен кетпес, пейзаж* (Жантөшев). *Колхоз жеринин эртеңки пейзажын көз алдына элестетип турду* (Сыдыкбеков). 2. *иск.* Жердин, табигаттын көрүнүшү тартылган сүрөт. 3. *адаб.* Табиятты, анын көрүнүштөрүн көркөмдөп сүрөттөп жазуу.

**ПЕЙЗАЖИСТ** Пейзажчы – сүрөтчү.

**ПЕЙИЛ** 1. Мүнөз, кулк-мүнөз. *Пейили кенен – калысчыл, пейили тар – арызчыл* (макал). *Бетегелүү майданым, Пейли жакшы жайдарым* (Токтогул). *Пейили жумшак бир жансың, Бүткөндөй сонун жибектен* (Маликов). 2. Көңүл, көөн, ниет, ой. *Ошондо да өмүр жыргал, жакшы деп, Даңазалап пейли менен толтуруп* (Адышева). *Пейилинде жактырбайт, Бекер басып жүрүштү* (Тоголок Молдо). *Пейли бузук душмандын, Берген катыгын* (Тоголок Молдо).

**ПЕЙИЛ КҮТҮҮ** Менменсинүү, өзүн жогору саноо. *Коңшу пейил күтсө, үй ээси капа болот* («Ала-Тоо»). *Калемин колуна алып, кабарчы сыяктуу мурчуя пейил күтүп калды* («Ала-Тоо»).

**ПЕЙИЛДЕН** 1. Мүнөз күтүү, бой көтөрүү, менменсинүү. *Чыканагына жаздык коюп, пейилдене бейпил отурган аял – Калдык жеңе боло турган* (Убукеев). 2. Пейлин салуу, көңүл коё киришүү, көңүлдөнүү.

**ПЕЙИЛДЕНҮҮ пейилден** этишинин кыймыл атоочу.

**ПЕЙИЛИ АГАРБОО** Ичине кир сактоо, арам ойдо калуу. *Чачы агарса да пейили агарбаган бул мерездин Жакишкандан жамандык көргөнү барбы* («Чалкан»).

**ПЕЙИЛИ БУЗУК** Бирөөгө жакшылык кылбаган, жакшылык ойлобогон, арам ою бар.

**ПЕЙЛИ БУЗУЛУУ** Көңүлүнө жамандык алуу, жамандык жагына баруу, тескери жолго түшүү. *Ооруга жолугардан бир жыл илгери Жүдөмүштүн пейли бузула баштаптыр* (Убукеев).

**ПЕЙЛИ ТАР** Зыкым, сараң, колунан эч нерсе чыкпаган, ичи тар. *Таята, таякелерим чириген бай. Ошентсе да котур улак үчүн өлгөн өңкөй пейли тар, сараңдар* (Элебаев).

**ПЕЙЛИ ТАРУУ** Зыкым болуу, колунан эч нерсе чыгарбоо, катуу болуу. *Мурда эле курушкан пейли ого бетер тарыды.*

**ПЕКЕНЕ пакене** менен бирдей.

**ПЕЛЕНГАТОР** Учуп келе жаткан самолёттон же деңиздеги кемелерден чыккан үндүн кайсы жерде экендигин белгилөөчү аппарат. *Пеленгатор алдан билип айтууда, Принципке ким түкүрүп жатканын* (Күрүчбеков).

**ПЕНДЕ** 1. *дин.* Кудайдын кулу. 2. Адам, киши. *Пендеден сындуу дебесем, Бермет сындуу келиним, Перизаттай бала эле* («Саринжи-Бөкөй»). *Ар пенденин барына, Азили тагдыр жазган бар* (Казыбек). – *Мунун айткан сөзүнө, Кандай пенде ынанат* (Тоголок Молдо).

**ПЕНДЕЛИК** 1. Адамга таандык болгон кемчиликтерди, жаңылыштыктарды жиберүүчүлүк. 2. Башына кайгы түшүп муңкүрөгөндүк, кор болгондук, карыптык. *Пенделик түшүп башыма Ачкадан жаагым карышты* (Токтогул). *Перзенттен далай ажырап, Пенделик курсун чыдадым* (Токтогул).

**ПЕНДЕЧИЛИК** **пенделик** менен бирдей. *Пендечилик кылыптыр Менин Жаңыл балдызым!..* («Мендирман»).

**ПЕНИЦИЛЛИН** *фарм.* Көк даттуу кебердердин кээ бир түрүнөн алынуучу дарылык препарат.

**ПЕНОБЕТОН** Тешикчелери көп, жылуулукту кармоо сапаты бар бетон.

**ПЕНОПЛАСТ** Тоңуп калган көбүктөй көрүнгөн пластмасса.

**ПЕНСИОНЕР** Пенсия алуучу адам. *Атасы мага илгертен дос, Пенсионер, азыр бош* (Токомбаев).

**ПЕНСИЯ** Мыйзам боюнча белгиленген шарттарга ылайык майыптарга, карыган адамдарга ж.б. берилүүчү жардам акча. *Инвалиддиги боюнча берилген пенсия. Көп жыл иштегендиги үчүн берилүүчү пенсия.*

**ПЕНТАМИН** *фарм.* Ичегинин, табарсыктын түйүлүшүнө каршы колдонулуучу дары.

**ПЕПСИКОЛА** Алкоголсуз, сергитүүчү салкындаткыч ичимдик.

**ПЕРЗЕНТ** Бала. *Эркек бекен перзентим, Көзүң көрүп чыктыңбы?* («Манас»). *Кыз да болсо перзентим, Кыпчакка кетип бул калса, Байбиче, кылчаюучу паана жок* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ПЕРИ** 1. *миф.* Учуп жүрүүчү канаттары бар, аял кебетесиндеги айдай сулуу, узун чачтуу кереметтүү жан. *Пери экени, Киши экени туюлбай, Барып-барып уюп калат куюндай* (Эралиев). 2. *өт.* Ашкан сулуу, акылдуу, айлалуу. *Көңүлүн кыйбай ак Саткын пери, Муңая карап мындайча деди* (Осмонов). *Сиздей сулуу перини, Издеп күйдүм, өзгөчөм* (Барпы).

**ПЕРИГЕЙ** *астр.* Айдын орбитасынын Жерге эң жакын точкасы.

**ПЕРИЗААДА** *миф.* 1. Пери тектүү, периден төрөлгөн бала, киши. 2. *өт.* Акылдуу, айлалуу, ашкан сулуу. *Перизаада Айчүрөк, Берен бейбак келгенде* («Сейтек»). *Перизаада Айчүрөк, жыйырма бирге келгенде.*

**ПЕРИЗАТ** *миф.* 1. Теги пери, пери. *Айдан сулуу Айсалкын, Перизаттын өзү экен* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Акылдуу, айлалуу, абдан сулуу. *Көпбайдын кызы бу дүйнөнүн перизаты* (Сыдыкбеков). *Баары бир сезилбеди перизаттын, Жүргөнү кимди сүйүп, кимди жерип* (Үмөталиев).

**ПЕРИФЕРИЯ** 1. Өлкөнүн, аймактын борбордон алыс, чет жактарында жайгашкан бөлүктөрү. *Ал перифериядa иштейт.* 2. Жалпактыктын бардык бөлүгүн өз ичине алуучу туюк чет сызык.

**ПЕРИФРАЗ** *адаб.* Предметтин, нерсенин, окуянын атын атабай туруп, алардын эң манилүү, эң негизги касиеттерин, сапаттарын сүрөттөө аркылуу анын элестүү картинасын көрсөткөн көркөм троптордун бир түрү (мис., Кыргыз Республикасы – Күнөстүү мекенибиз, Бишкек – борборубуз, пахта – ак алтын).

**ПЕРИШТЕ** 1. Диний мифологияда: көбүнчө кишилерге калкасын тийгизүүчү кудайдын элчиси. *Алтынды көрүп, периште да жолдон чыгыптыр* (макал). *Бешөө болду жолдошум, Периште иштн оңдосун* (Казыбек). 2. *өт.* Жакшы көргөн адамына, көбүнчө аялдарга карата эркелетип айтылган сөз. *Айлымда менин сүйгөн периштем сенсиң!* (Үмөталиев).

**ПЕРПЕНДИКУЛЯР** Түз сызыктын же тегиздиктин бетинде тик бурч жасоочу тик сызык.

**ПЕРРОН** Темир жол станциясындагы поезддер жанына келип токтоочу аянтча, пассажирдик платформа. *Троллейбустан түшкөн жүргүнчү вокзалдын перронуна чыкты* (Сыдыкбеков). *Поезд перронго келип токтоду* («Ала-Тоо»).

**ПЕРСОНАЖ** *ад.* Адабий чыгарманын катышуучусу.

**ПЕРСОНАЛ** Мекеменин же өнөр жайдын бир кесип түркүмүнө кирген жеке кызматкерлердин курамы. *Медициналык персонал. Административдик персонал.*

**ПЕРСОНАЛДЫК** Бирөөнүн керт башына арналган, айрым бир кишиге тиешелүү жеке белгиленген. *Персоналдык пенсия. Персоналдык иш.*

**ПЕРСОНИФИКАЦИЯ** *адаб.* Табияттык көрүнүштөрдү, же жансыз буюмдарды жандууларга салыштыруу, жандандыруу.

**ПЕРСПЕКТИВА** 1. Бир жерден туруп алыска көз жибергендеги көрүнгөн көрүнүш. 2. Көрүнүштөрдү алыс, жакындык мейкиндик өлчөмдө чагылдыруу эрежелерин изилдеп, тактоочу чийме геометриянын бөлүмү. 3. *өт.* Келечекки көрүнүш, болочок иштин жөнү, келечеги. *Чарбага туура жетекчилик кылуу – бул, баарыдан мурда анын өнүгүшүнүн перспективасын көрө билүү* («Коммунист»). *Түшүмдүн перспективалары.*

**ПЕРСПЕКТИВАЛУУ** Келечеги бар, келечеги кең, келечекте өсүп кетүүчү.

**ПЕРСПЕКТИВДҮҮ** **перспективалуу** менен бирдей.

**ПЕРТУРБАЦИЯ** 1. Сырткы таасирден улам демейки көнүмүш ыргак, ирээттүү айлануу, өнүгүүлөрдүн ыргагынын бузулушу. 2. Адамдын каны бузулуу, кыжырлануу абалы. 3. *өт.* Чак-челекей түшүү, баш аламан болуу.

**ПЕС** 1. Денедеги ала тактар. 2. Тирүүлөй денени чириткен өтө жугуштуу оору. 3. *өт.* Кудаа каары, куйту, бетпак.

**ПЕССИМИЗМ** Турмушту, окуялардын жүрүшүн көңүл чөгөттүк, үмүтсүздүк, жакшы келечекке ишенбөө маанайы менен кабыл алуу.

**ПЕССИМИСТ** Пессимизмге берилүүчү адам.

**ПЕССИМИСТТИК** Пессимизмге таандык, кейикчээл, сары убайымчыл.

**ПЕТИЦИЯ** Жогорку өкмөткө жазылган көпчүлүктүн өтүнүчү, суроосу.

**ПЕХОТА** Жөө аскерлер. *Арт жагынан пехота Чабуул коюп баратса* (Үмөталиев).

**ПЕХОТАЛЫК** Пехотага таандык. *Экөөбүз военкоматка барып, пехоталык окуу жайына кирүүгө арыз бердик* (Шимеев).

**ПЕЧАТТА** Печать коюу, ачууга же пайданууга акысы бар гана адамдар, ачып же пайдалануу үчүн белги катарында (мис, бийлик органы тарабынан үйгө, шкафка, дүкөнгө, кампага ж. б.) печать басып коюу.

**ПЕЧАТТАЛ печатта** этишинин туюк мамилеси.

**ПЕЧАТТОО печатта** этишинин кыймыл атоочу.

**ПЕЧЕК** 1. Малдын ичин көптүрө турган зыяндуу чөптүн бир түрү. *Өгүздөрдүн бири печек жеп ичи көөп өлдү* (Абдукаримов). 2. *диал.* Чырмоок, чырмоок өсүмдүк. Жалпы эле оролуп чыгуучу өсүмдүк, чөп.

**ПЕЧЕНЬЕ** Жука, кум кайрак кесекче түрүндө жасалган кондитердик азык.

**ПЕЧЬ** 1. **меш** менен бирдей. *Темир аяз тышта бороон куруулдөп, Жылуу тамдын печи куйөт дуруулдөп* (Шүкүрбеков). *Омор печтин жанында олтурган* (Сыдыкбеков). 2. Кандайдыр бир материалды эритүү жолу менен иштетүүгө арналган атайын түзүлүштөгү курулуш, жасалга. *Домна печи.*

**ПЕШ** *диал.* 1. Туш, маңдай. *Ааламга күлө карап шаша чыккан күндүн нурлары менен Жаныбек төбөсүнө бийик көтөргөн кетмендин пеши кездеше калды окшойт, айнекке күзгү тоскондой ал жарк эте берди* (Мавлянов). 2. Алдыңкы, маңдайкы, бет маңдайдагы.

**ПЕШАЙВАН** *диал.* Оозгу бөлмө, кире бериштеги үжүрө. *Балдар ойнойт калак менен кар күрөп, Таргыл мышык күн чубактайт үргүлөп, Пешайванда чай ичишип отурган, Беш-алты чал божурашып жыл сүрөт* (Байзаков).

**ПЕШЕНЕ** 1. Маңдай, чеке. – *Сатыш!.. Чоң жигит болуп жүрөсүңбү? – деп, пешенесинен сыладым* (Касымбеков). *Пешенеден нур жанып, Беттеринен кан тамган* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Жазмыш, тагдыр. *Пешенемде жок беле? – Бербейт менин тилегим* («Саринжи-Бөкөй»).

**ПЕШЕНЕЛҮҮ** Жылдыздуу, сүйкүмдүү, бактылуу, таалайлуу.

**ПЕШКА** *шахм.* Шахмат оюнунун төмөнкү фигурасы.

**ПЕШТӨӨ** *диал.* Чыңоо, курчутуу, жамоо, бүтөө.

**ПИАЛА** Керамикадан, фарфордон жасалган чыны, чөйчөк.

**ПИАНИНО** Кылдары тикесинен тартылган, өзү да тикесинен турган бийик ящик түрүндөгү музыкалык курал, фортепьянонун бир түрү. *Деп, Батый пианиного жакын барды, Капкагын элпек гана ачып алды* (Маликов).

**ПИАНИСТ, ПИАНИСТКА** Пианинодо ойноочу адам. *Экинчиси пианистка кол ойноп, Эрмек болгон карыга тең, жашка тең* (Акаев).

**ПИАР** Кимдир бирөө, бир нерсе жөнүндө коомдук пикир (оң же терс) жаратууга багытталган маалымат кызматынын бир түрү. *Пиар уюштуруу.*

**ПИАРЧЫ** Пиар түзүү менен алектенген, пиар уюштуруунун адиси.

**ПИГМЕНТ** Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн организминдеги түс берүүчү зат.

**ПИДЖАК** Костюмдун үстүңкү бөлүгү, бешмант.

**ПИДИЯ** 1. *дин.* Өтө карыган адам же боюнда бар аял тарабынан орозонун ордуна берилүүчү садака. 2. Өлгөн адамдын кармабай калган орозосу үчүн бериле турган садака, төлөм.

**ПИЖАМА** Үйдө кийилүүчү, жука кездемеден жасалган бешмант жана шым.

**ПИКЕТ** 1. Бир аз кишиден түзүлгөн сакчы отряд. 2. Нааразылык билдирип иш таштаган жумушчулардын алардын нааразылык акциясына кошулбаган жумушчуларды ишканага киргизбөө үчүн кезметке коюлган уюштурулган топ. 3. Темир-жолдук өлчөм – километрдин ондон бир бөлүгү. 4. Геодезиялык жумуш убагында жерге кагып коюла турган, бетинде номери бар кичине казык.

**ПИКЕТЧИ** Пикетте туруучу киши.

**ПИКИР** Бир нерсе жөнүндөгү ой, көз караш, кандайдыр бир нерсеге өзүнүн көз карашын билдирип айткан сөз. *Бул кириш сөздө бир катар пикирлер айтмакпыз* (Токомбаев). *Эми, элим, силерге Ички пикир, сырды айттым* («Курманбек»).

**ПИКИРДЕШ I** Сырдаш, ой-санаасы бирдей, көз карашы бирдей. *Эми мен кенге барам, билим алам, Соо болгун бир пикирдеш акын абам* (Турусбеков).

**ПИКИРДЕШ II** Пикир айтышуу, оюн ай-

туу, сырдашуу, өз пикирин айтып сүйлөшүү.

**ПИКИРДЕШҮҮ** **пикирдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ПИКИРЛЕШ** **пикирдеш I; II** менен бирдей.

**ПИКНИК** Жаратылышка, шаардын сыртына чыгып эс алуу.

**ПИКТОГРАММА** Пикторгафия жолу менен жазылган сүрөт жазуусу.

**ПИКТОГРАФИЯ** Сүрөт менен жазылуучу жазуу. Нерселерди, кубулуштарды, иш-аракеттерди туруктуу мааниге ээ болбогон шарттуу белгилер менен чагылдыруу.

**ПИЛ** Тропикалык Африкада жана Азияда жашоочу, чөп жеп, сүт эмүүчү узун тумшугу жана эки чоң азуусу бар чоң айбан. *Айбанаттын эң чоңу, Пилден козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Пилге жүгүн жүктөшүп, Чатырларын бүктөшүп* («Мендирман»). *Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт* (макал).

**ПИЛИГРИМ** 1. Зыяратчы, жер кезген кудайчы. 2. *өт.* Саякатчы, жолоочу.

**ПИЛИК** *диал. туурасы:* **билик.** *Караңгы жарык болбойт, ай болбосо, Чыракта пилик күйбөйт, май болбосо* (Барпы).

**ПИЛЛА** Жибек куртунун уясы. *Зымга орогон пилладай, Зыңгырайсың тилладай* (Эл ырлары). *Үйдүн ээси жибек куртун багып, пилла сатып жан сактагандыгы байкалат* (Жантөшев). *Жибек курту пилла ороордун алдында эки-үч күн сулк жатып калат, аны «пилла уйку» деп аташат* (Таштемиров).

**ПИЛОТ** Учуучу аппаратты башкаруучу адам, учкуч.

**ПИЛОТКА** Аскер кызматчыларынын жайкы кийүүчү баш кийиминин бир түрү. *Микола пилоткасын колуна алып, мектепке кирди* (Баялинов).

**ПИНГВИН** Түштүк уюлда жашоочу калак сыяктанган кыска канаты бар, бирок учпай турган сууда сүзүүчү куш.

**ПИНЦЕТ** Искек, кыпчуур. Медицинада, лабораторияда майда нерселерди чымчып кармоо үчүн колдонулат.

**ПИОН** *биол.* Ак, кызгылт же кызыл чоң гүлдүү декоративдик өсүмдүк. *Сүйөнгөн кырчын талга пион гүлдөй, Сүйөнүп Кубатына Айша сулуу* (Үмөталиев).

**ПИОНЕР** 1. Изилденбеген жаңы өлкөгө биринчи болуп барып, анда жашай баштаган киши. 2. *өт.* Илим, маданият ж.б. жагынан кандайдыр бир жаңылыкка жол салган киши. *Табият билиминин пионери.* 3. Советтик коомдогу балдардын коммунисттик уюмунун мүчөсү. *Он эки жашар пионер Модель жасап учурду* (Үмөталиев). *Жапар пионер отрядынын башчысы* (Баялинов).

**ПИПЕТКА** Бир учунда резинкасы бар, суюктукту сордуруп алып кайра тамызуучу айнек түтүкчө, тамызгыч.

**ПИР** 1. *дин.* Диний каада-салтты жакшы билген динчил адам, көсөм, касиеттүү, колдоочу. *Азиз кайып пир эле, Ал мергендей ким эле?* («Эл адабияты»). *Пирлериме ыйладым, Билгизбей жанды кыйнадым* («Эл адабияты»). *Манаптан башка тилиң жок, Кожодон башка пириң жок* (Токтогул). *Билгизгин жакшы жолуңду, Пир кылып тутам колуңду* («Манас»). *Көргөндүктөн өз лирасын пириндей, Өттү жашап, зердалдарга илинбей* (Гилязетдинов). 2. *өт.* Урматка ээ болгон, акыл-насыят берүүчү карыя, насаатчы, устат. *Асыл ырың тирүү – сен да тирүүсүң, Ала-Тоолук акындардын пирисиң* (Жусуев).

**ПИРАМИДА** 1. *мат.* Негизи төрт бурчтуу же үч бурчтуу, каптал кырлары үч бурчтуу келип, бардыгынын чокусу бир болгон көп кырдуу фигура. 2. Байыркы Египетте негизи төрт бурчтуу кылынып, каптал кырлары бир чокуга барып бириккен фараондордун күмбөзү. 3. Учу учтуу болуп үйүлгөн нерсе.

**ПИРАМИДОН** *фарм.* Ооруганын басып жана дененин температурасын төмөндөтүүчү каражат катарында колдонулуучу дары препарат.

**ПИРОГ** Арасына эт, күрүч ж. б. салынып бышырылган нан. *Ичине эт салынган пирог.*

**ПИРОЖНОЕ** Каймак, кант, жумуртка ж.б. кошулган камырдан жасалган кондитердик таттуу азык.

**ПИСТОЛЕТ** Жакын жерден атууга ылайыкталган кыска туткалуу согуштук курал, тапанчанын бир түрү. *Ок бүтүп пулемёту иштен чыгып, Колго алды пистолетин медер кылып* (Үмөталиев).

**ПИСТОН** Патрондогу дарыны тутандыруучу жарылгыч составы бар кичинекей калпакча.

**ПИТИНА** *диал.* 1. Куйту, куйтулук, сараң. Жек көрүнчү, арамзаа, куйтку салуучу.

**ПИТИР** **битир** менен бирдей.

**ПИТОМНИК** *аңч.* Аң терилерин берүүчү жаныбарларды өстүрүүчү чарбачылык уюму.

**ПИЦЦА** Каламалык камырдын бетине майда тууралган эт, сыр, жашылча, суюк татымал ж.б. себилип тапка бышуучу тамак.

**ПИЯДА** *диал.* Жөө, унаа минбей жөө жол жүрүү. *Каныкей кеттиң эле пияда* («Семетей» С.К.). *Пиядага кыр кыйын, Билбегенге ыр кыйын* («Эл адабияты»). *Алты жылы пияда, Баскан Током келген бейм* (Эшмамбет).

**ПИЯЗ** Түбү тоголок, ичи көңдөй көк сабагы бар, көбүнчө тамак-ашка кошула

турган бакча өсүмдүгү. *Пияздары катар, Сабиздери бир катар* (Осмонов). *Муслимахун сабиз, пиязды туурап, куучту жууду* (Жантөшев).

**ПИЯЗЫ** Төөнүн жүнүнөн колго токулган кездеме.

**ПИЯЛА** *туурасы:* **пиала.** *Энеси пияладагы бөксө сууну уулуна сунду* (Сасыкбаев).

**ПЛАГИАТ** Жазма уурулук, бирөөнүн чыгармасын же анын бир бөлүгүн өзүнүкү катары сунуштоо, бирөөнүн авторлугун өзүнө жалган менчиктөө.

**ПЛАКАТ** 1. Көбүнчө үгүтчүл максаттар менен көчөлөргө же коомдук орундарга илинип коюлуучу сүрөттүү же сүрөтсүз кооздолгон кыскача тексттер. *Клуб ичи портреттерге, плакаттарга, ураандарга толгон* (Сыдыкбеков). *Андрей кооз плакаттар, баракчалар таңгагын ортого таштады* (Сасыкбаев). 2. *сүр.* Көркөм графиканын кеңири тараган түрү.

**ПЛАН** 1. Бир жайдын же нерсенин белгилүү масштабда толук пропорциясын сактап түшүрүлгөн чиймеси. *Шаардын планы. Кыштактын планы. Үйдүн планы.* 2. Иштин аткарылыш тартибин, жолун, мөөнөтүн ж. б. көрсөтүп алдын ала белгиленген системасы. *Беш жылдык план. Жети жылдык план. Оруу-жыюу иштеринин планы.* 3. Айтылуучу же жазылуучу нерсенин ыраатуулугу белгиленген кыскача түрдөгү мазмуну, болжолу. *Докладдын планы. Сабактын планы.*

**ПЛАНДА** Алдын ала кандайдыр бир иштин, курулуштун ж.б. болжолун, планын түзүү. *Арзыкул ишти өзүнчө пландап келген* (Байтемиров).

**ПЛАНДАЛ** **планда** этишинин туюк мамилеси.

**ПЛАНДОО** **планда** этишинин кыймыл атоочу.

**ПЛАНДООЧУ** План түзүүчү, план түзүү иштерин жүргүзүүчү. *Пландоочу органдар.*

**ПЛАНДУУ** Белгилүү бир пландын негизинде, план менен жүргүзүлүүчү, план боюнча иштелүүчү, белгилүү бир планы бар.

**ПЛАНДУУЛУК** Планга негизделгендик, пландаштырылгандык. *Социалисттик чарбанын пландуулугу.*

**ПЛАНЁР** Абанын агымынан пайдалануу жолу менен абада калкып жүрүүчү мотору жок учуучу аппарат.

**ПЛАНЁРИЗМ** *ав.* Планёрдо учуу искусствосу, планёр спорту менен киришүүчүлүк.

**ПЛАНЁРИСТ** *ав.* Планёрдо учуучу учкуч, планёрду башкара билген адам.

**ПЛАНЕТА** *астр.* Күн айланасында тегеренип жүрүүчү жана күн нуруна чагылышып жаркырап туруучу асман телосу, Марс, Чолпон, Меркурий, Жер ж.б. *Чоң планеталар. Кичине планеталар. Жер планетасы.*

**ПЛАНЕТАРИЙ** *тех.* 1. Асмандагы планета жана башка телолордун кыймылын көрсөтүүчү прибор. 2. Ушул прибордун жардамы менен планета жана асман телолорунун алган ордун жана кыймылын көрсөтүүчү жай.

**ПЛАНЕТОХОД** *астр.* Планеталардын же алардын жандоочуларынын кеңири аймагын изилдөөгө арналган жаңы типтеги атайын арналыштагы өзү жүрүүчү космос машинасы.

**ПЛАНИМЕТРИЯ** Жалпактыктагы фигураларды үйрөнүүчү элементардык геометриянын бир бөлүмү.

**ПЛАНТАЦИЯ** 1. Өзгөчө багууну керек кылуучу маданий өсүмдүктөр эгилген атайы бир чоң аянт, ири жер чарбасы. *Кант районунун кызылча плантацияларында* 43 *комбайн иштеп жатат.*

**ПЛАНШЕТ** 1. *геод.* Бетине чиймелүү кагаз керилген тактай 2. Географиялык жана топографиялык карталарды салууга арналган жалпак сумка. 3. Географиялык же геологиялык картанын бир бөлүгү.

**ПЛАСТИК КАРД** *инф.* Жекечеленген төлөмдүн аспабы болуп товар жана кызматтар үчүн төлөмдү акчасыз аткарууга, ошондой эле банктан жана банктык автоматтан акча алууга мүмкүндүк берет.

**ПЛАСТИКА** *сүр.* 1. Графика, живопись, скульптуралык чыгармаларда көлөмдү, турпатты моделдөөнүн конкреттүү жетишкендиктери жана өзгөчөлүктөрү. 2. Кооз кыймыл, ийкемдүүлүк искусствосу.

**ПЛАСТИКАЛУУ** Ийкемдүү, көркөмдүү (көбүнчө адамдын дене түзүлүшүнүн келбеттүүлүгү жана кыймылы жөнүндө).

**ПЛАСТИКАЛЫК** 1. Басым астында каалаган формага келе турган жана басымды токтоткондон кийин ошол формасын сактап калууга жөндөмдүү. 2. Өң келбеттүү жакшыртуу, өзгөртүү үчүн жасалуучу хирургиялык операциянын түрү.

**ПЛАСТИЛИН** Жууруп жасоо үчүн колдонулуучу чоподон, момдон жана майдан аралаштырып жасалган кургабай турган масса. *Пластилинден жасалган оюнчуктар.*

**ПЛАСТИНКА** 1. Патефондун же граммафондун табагы. *Патефон пластинкалары. Узакка ойноочу пластинка.* 2. Фотография аппаратында жарык сезгич катмар менен капталган төрт кырдуу айнек

**ПЛАСТМАССА** Пластикалык масса. *Пластмассадан жасалган буюмдар.*

**ПЛАСТЫРЬ** *мед.* Малаам, жарага тартуучу, бетине дары сыйпалган жабышкак чүпүрөк. *Пластырь тартуу.*

**ПЛАТФОРМА** 1. Поезд келип токтоочу, рельс бойлото секиче кылып жасалган аянт. *Станция, Платформа – Чиркелишкен вагондор* (Үмөталиев). 2. Үстү ачык, борту бийик эмес товардык вагон. *Куюлган таш көмүр платформаларга толууда* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Кандайдыр бир партиянын,

группанын аракет кылуу программасы, саясий талаптарынын жана ишендирүүлөрүнүн системасы. 3. *саяс.* Саясий партия, коомдук топтор же уюмдар жетекчиликке ала турган негизги принциптүү теориялык жобо же практикалык программа.

**ПЛАЦДАРМ** 1. Согуштук-стратегиялык операциялар даярдалуучу жана башталуучу мейкиндик. 2. Кандайдыр бир мамлекеттин башка мамлекетке кол салуу үчүн даярдык көрүүгө пайдалануучу территориясы. 3. Кандайдыр бир иш аракет жасоого ыңгайлуу орду, шарты бар, бир нерсенин алгачкы позициясы.

**ПЛАЦКАРТА** Темир жол билетине кошумча кылып берилүүчү вагондун номери, орду көрсөтүлгөн кагаз.

**ПЛАЩ** 1. Жеңил сырт кийим. 2. Суу өткөрбөс сырт кийим. *Билгендере мындай кезде бул да сын, Курбусуна берет алып плащын* (Кыдыров).

**ПЛЕВРИТ** Өпкөнүн сырткы чел кабыгынын сезгениши.

**ПЛЕНАРДЫК** Белгилүү бир уюмдун, жетекчи шайлоо органынын ж. б. бардык мүчөлөрүнүн катышуусу менен өтө турган. *Пленардык жыйын.*

**ПЛЕНУМ** Партиялык же коомдук уюмдун шайланган жетекчи органынын мүчөлөрүнүн толук составдуу жыйналышы, пленардык отурум. *Райкомдун пленуму. Профсоюздун республикалык комитетинин пленуму.*

**ПЛЕЯДА** Бир учурда жашаган, бир максатташ, тизгиндеш ишмерлердин тобу.

**ПЛИНТУС** 1. Пол менен дубалдын бириккен жерин жаап туруу үчүн жээктете бастырылган узун ичке тактай. 2. Мештин ж.б. нерселердин төмөн жагындагы кеңирээк болуп чыгып турган жери.

**ПЛИТА** 1. Чоң, жалпак, бети тегиз таш, металл ж. б. *Мрамор плита. Бетон плита. Чоюн плита.* 2. Үстүнө металл такта коюлуп тамак бышырууга арналган ашкана үйгө коюлуучу меш. *Плитага жакын жерде эбисыны жок далдайган жыгач сандык* (Бөкөнбаев). *Үйдө экөө гана, плитадагы чайнекти алып келип, чай ичүүгө киришишти* (Таштемиров).

**ПЛИТКА** 1. Кичине меш. 2. Төрт бурчтуу кичине жалпак нерсе. *Керамика плиткасы. Шоколад плиткасы.* 3. Үстүнө идиш коюп, тамак бышырууга ылайыкталган токтун күчү менен ысуучу электр прибору.

**ПЛОМБА** 1. Товарга, жабык вагонго, эшикке ж.б. асып коюучу, мөөрү бар, белгиси бар топчудай коргошун. 2. Оюлган тиштин чуңкуруна толтуруп коюлуучу нерсе.

**ПЛОМБИР** Жаңгак, шоколад ж.б. нерселерден кошулган бал муздак түрү.

**ПЛОТАЖ** Учкучтук чеберчилик, учуу аппараттарын башкаруу жөндөмдүүлүгү, шык.

**ПЛОТИНА** *а.ч.* Суу деңгээлин көтөрүү, суу басымын жогорулатуу же суу сактагыч түзүү максатында дарыяны бууп курулган гидротехникалык курулма.

**ПЛЮРАЛИЗМ** 1. Бардык жашаган нерселер бири-бирине көз каранды эмес өз алдынча маңыздардан турат деп эсептеген көз караш. 2. Дүйнө жаратылышынын негизинде бир нече башкы себеп бар деп эсептөөчү, идеалисттик – философиянын бир түрү. 3. Көп пикирдүүлүк, көп партиялуулук принцибине жол коюучулук.

**ПЛЮРАЛИСТ** Плюрализм принцибин карманган, ошону туура көргөн адам.

**ПЛЮС** 1. Кошуу амалын же чондуктун ондугун билдирүүчү (+) түрүндөгү математикалык белги. 2. Нөлдөн жогорку температураны билдирүү үчүн колдонулат. *Температура плюс* 10 *градус.* 3. *өт. сүйл.* Кандайдыр бир артыкчылыкты бир нерсенин жакшы жагын көрсөтүүдө колдонулат.

**ПНЕВМОНИЯ** Кагын, өпкөнүн сезгеничтүү дарты.

**ПОВЕСТЬ** Көлөмү жагынан романдан кичирээк, сюжети да романга караганда жөнөкөйүрөөк келген баяндоо иретиндеги чыгарма. *Пушкиндин повесттери. Чыңгыз Айтматовдун ар бир повести өзүнүн чакан көлөмүнө, повесттик чакан окуялуулугуна карабастан романдык, глобалдык кеңири масштабдуу мазмунга ээ.*

**ПОВИДЛО** Кант кошулуп, мөмөдөн кайнатып жасалган коюу таттуу масса.

**ПОГОН** Ийинге тагылуучу айырмалоо белгиси, чени. *Семенов солдат өтүгүн, погондуу китилин кийип бөлмөдөн чыкты* (Сасыкбаев). *Погонунда ак берене – Отставной белгиси.*

**ПОГРЕБ** Көбүнчө ичине муз салынып, жерди оюп жасалган азык-түлүк сакталуучу жай, муздак жер кепе.

**ПОДАГРА** Денедеги зат алмашуунун бузулушунан байкалуучу сөөк оорусу, муундар шишип, сөөк өскөн дарт.

**ПОДВАЛ** 1. Үйдүн биринчи кабатынын астындагы жерге киргизе жасалган ар кандай чарбалык керектөөлөр туруу үчүн ылайыкталган жай. 2. *полигр.* Газетанын туура сызык менен бөлүнгөн төмөнкү жагы.

**ПОДНОС патунус** менен бирдей. *Актан ата подноско додолоп үйүлгөн ашына купулу толгондой балдарга карады* (Бейшеналиев). *Колуна поднос табагын алып, Тамак алчу жерге барып* (Борбугулов).

**ПОДПОЛКОВНИК** Майор менен полковниктин ортосундагы офицердик наам, чин жана ушундай наамы бар офицер.

**ПОДРЯД** Кандайдыр бир ишти белгилүү акы алып иштеп бермекчи болгон милдеттенме жана ушундай милдеттенме боюнча аткарылуучу иш.

**ПОДРЯДЧИК** Подряд боюнча иштеген адам же мекеме.

**ПОДТЕКСТ** Сөз менен айтылбаган, бирок мааниси контексттен улам белгилүү болуп турган көмүскө ой.

**ПОДЪЕЗД** Үйдүн кире беришиндеги чоң эшиктин алды, имараттын кире бериши. *«Победа» подъездде турат даяр, Болот деп, «кожоюндан» кандай кабар?* (Шүкүрбеков).

**ПОЕЗД** Бирин-бирине чиркештирип тизилген вагондордун локомотив тартып жүрүүчү составы. *Пассажир поезди. Ылдам жүрүүчү поезд. Товардык поезд.*

**ПОЗИТИВ** 1. Оң, чындыкка туура келүүчү. 2. Негативден чыгарылган фото сүрөт.

**ПОЗИТИВДҮҮ** Оң, фактыларга негизделген, ырастоочу, чындыкка чыгаруучу.

**ПОЗИЦИЯ** Бир нерсени уюштурууда, курууда ар кандай талап кылууну камтыган бөлүк, тематикалык пландын өзүнчө пункту.

**ПОЛ** Үйдүн, имараттын таманы, тактай төшөлгөн таманы. *Тактай пол. Паркет төшөлгөн пол.*

**ПОЛЕМИКА** Илимий, адабий, саясий маселелерди талкуулоодогу талаш, талашып-тартышуучулук. *Баяндамачы менен полемикага чыгуу.*

**ПОЛИГАМИЯ** 1. *антр., этн.* Көп никелүүлүк. 2. *биол.* Жаныбарларда бир эркеги бир канча ургаачысы (үйүр) менен жашоочулук.

**ПОЛИГОН** Кандайдыр бир жаңы нерсени текшерүү, сыноо үчүн арналган чөйрө.

**ПОЛИГРАФИЯ** Китептерди, газеталарды ж.б. басып чыгаруу иштерин өз кучагына алган өнөр жай жана техника тармактары.

**ПОЛИКЛИНИКА** Келген жана үйүндө жаткан ооруларга негизги жардам берүүчү көп тармактуу дарылоо мекемеси, бейтапкана.

**ПОЛИСЕМИЯ** *лингв.* Сөздүн көп маанилүүлүгү, бир сөздө бир канча маанинин болушу.

**ПОЛИТЕИЗМ** Көп кудайлуулук, көп кудайлардын бар экендигин тааныган дин жана аны тутуу.

**ПОЛИТЕХНИКАЛЫК** 1. Техниканын ар кандай тармактарын үйрөнүүгө жана колдонууга байланышкан. *Политехникалык институт.* 2. Техниканын ар кандай тармактары менен таанышууга негизделген. *Политехникалык окуу.*

**ПОЛИТЕХНИКУМ** Политехникалык окуу жайы.

**ПОЛИТОЛОГ** Политология боюнча адис.

**ПОЛИТОЛОГИЯ** Көптөгөн өлкөлөрдө кабыл алган ар кандай саясий иштерди уюштурууну, коомдогу саясий жашоону, ички саясий, эл аралык мамилелерди изилдөөчү дисциплина.

**ПОЛИФОНИЯ** 1. *муз.* Көп үн катышуучу музыкалык чыгарма, бир эле убакта бир канча өз алдынчалыкка ээ, айырмалуу үндөрдүн айкашып чыгуусу. 2. *адаб.* Адабияттагы көп үндүүлүк, бир убакта бир эле окуяга, бир идеяга байланыштуу ар түрдүү, өз алдынчалыктуу, ар бири өз алдынча негиздүү, олуттуу, а түгүл бирин бири жокко чыгаруучу позициялардын, көз караштардын биримдиги, бир бүтүн сюжеттик системада үн алышуусу.

**ПОЛИЦИЯ** Коомдук тартипти коргоп, анын коопсуздугун камсыз кылып турган мамлекеттик орган жана ушул органда иштеген адамдардын айрым өлкөлөрдөгү аталышы.

**ПОЛК** Дивизиянын же бригаданын курамына кирүүчү аскер бөлүгү. *Гвардиялык полк. Аткычтар полку. Полктун командири.*

**ПОЛКОВНИК** Подполковник менен генерал-майордун ортосундагы офицердик жогорку наам, чин жана ушундай наамы бар офицер.

**ПОЛКОВОДЕЦ** Ири аскер бөлүктөрүнүн бирикмелеринин, флоттун ж. б. командачысы, аскер башчы.

**ПОЛОНЕЗ** *муз.* Поляктардын жай темптеги салтанаттуу улуттук бийи жана анын ыргагындагы музыка.

**ПОЛОТНО** 1. Кендирден согулган кездеме. 2. Сүрөтчү тарткан сүрөт. *Айтиев «Акындар» деген чоң полотнону тартып бүттү* («Ала-Тоо»). *Маңдайы ачык, шайыр жаштарды сүрөттөгөн кыргыз художнигинин полотнолору* (Токомбаев).

**ПОЛЬКА** *муз.* Чехтердин улуттук бийи.

**ПОМЕЩИК** *тар.* Көп жер ээлеген дворянин же жер ээси. *Бул, чындыкты көрсөтө жазган, Помещик, байлардын чүмкөлүү бетин ачкан* (Шүкүрбеков). *Ал уулу помещиктин же банкирдин, Эмгегин эзип жаткан нечендердин* (Нуркамал).

**ПОМИДОР** Тоголок, кызыл мөмөсү желе турган жашылча өсүмдүгү жана анын мөмөсү.

**ПОП I** Православия дининдеги чиркөөлөрдө иштөөчү дин кызматкери, өзүнүн даражасы боюнча дьякон менен епископтун ортосундагы наам.

**ПОП II** Элдик, популярдуу. Массалык маданияттын стили. *Поп – искусство. Поп – маданият. Поп – фестиваль.*

**ПОП МУЗЫКА** *муз.* XX кылымда көңүл ачууга гана багытталган түрдүү эстрадалык музыканын жалпы аталышы.

**ПОП-РОК** Популярдуу рок-музыка.

**ПОПУЛИЗМ** Элдик масса менен ойноо, элге жагынуу, таанылуу аракетинде жел сөздөрдү айтып кызыл кекиртектик кылуу, калп убадаларды берүү.

**ПОПУЛЯЦИЯ** *а.ч.* Белгилүү аймакты ээлеп, эркин аргындашып, көбөйгөн бир түрдүү организмдердин жыйындысы.

**ПОПУРРИ** Курама күү. Ар кайсы күү обондордон жана үзүндүлөрүнөн куралган пьеса.

**ПОРНОГРАФИЯ** Уятсыз, адепсиз мазмундуу сүрөт, кино, адабий чыгарма.

**ПОРОШОК** Катуу заттын абдан талкаланган майдасы, үбөлөндүсү, үбөлөндү түрүндөгү дары. *Тиш жуугуч порошок. Порошок түрүндөгү дары.*

**ПОРТ** *к.* **кемебайыр.**

**ПОРТРЕТ** Адамдын живописте, скульптурада, графикада же фотографияда сүрөтү. *Айтматовдун портрети. Чокморовдун портрети. Мен турам, маңдайымда турган портрет, Мени карайт үнсүз, сөзсүз козголбой* (Жетикашкаева).

**ПОРТСИГАР** Ичине папирос же сигар салып жанында алып жүрө турган жалпак куту. *Жолой Жолдошевич чөнтөгүнөн портсигарын алды да, папиросун суурун чыгып тутандырды* (Каимов).

**ПОРТФЕЛЬ** 1. Китеп, дептер, иш кагаздарын ж. б. салып жүрүүгө ылайыкталып жасалган, кармагычы жана бекиткичи бар сумка. *Кычан портфелин небак эле иреттеп алган* (Бейшеналиев). *Бекен бир колуна портфелин, бир колуна букет алды* (Каимов). 2. Министрлик орун. *Министрдик портфель.* 3. *өт.* Редакция же басма тарабынан басып чыгарууга кабыл алынган кол жазмалардын жыйындысы.

**ПОРТЬЕРА** Калың, тыгыз кездемеден эшик, терезеге тагылган парда. *Портьердик кездеме.*

**ПОРУМ** Көрк, бир нерсенин сырткы көрүнүшү, түрү, келбети. *Порум мекен бастырган боз балдардын шааниси* (Осмонкул). *Айыл арасы күндөгүдөн миң порум* (Жантөшев). *Кайсы бирин ырдайбыз Токо, кимдин жагат поруму* (Токтогул).

**ПОРУМДА** Кооздоо, жасалгалоо, көркүнө чыгаруу, түр берүү, ар түркүн түргө келтирүү. *Жакшы устанын белгиси, Калай да болсо күмүштөй, Кармаган ишин порумдайт* (Осмонкул).

**ПОРУМДАТ** **порумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ПОРУМДОО** **порумда** этишинин кыймыл атоочу.

**ПОРУМДУУ** Кооз, жасалгалуу, көркүнө чыгарылган, жакшы жасалган, көрктүү. *Кош ат чеккен порумдуу извозчик* (Жантөшев). *Болжолу жок эрлерге Порумдуу кийим берилип* («Кыргыз фольклору»).

**ПОРЦИЯ** Бир нерсенин, көбүнчө тамактын, белгилүү өлчөмү. *Эки порция палоо.*

**ПОСОБИЕ** *к.* **жөлөкпул.** *Инвалиддик пособие. Көп балалуу жана жалгыз бой энелерге берилүүчү пособие.*

**ПОСТ** 1. Бирөөгө, бир нерсеге байкоо жүргүзүү же бир нерсени кайтаруу орду, пункту. *Байкоочу пост. Постто туруу.* 2. Бир нерсеге байкоо жүргүзүү же кайтаруу үчүн белгилүү бир жерге коюлган бир же бир нече адам. *Кеңешип кат да жаздык колдор бошто, Какыйып ажырашпай турдук постто* (Кыдыров) 3. Жооптуу кызмат орду. *Директорлук пост. Жетекчилик пост.*

**ПОСТАМЕНТ** Скульпторлукта монументалдык скульптура чыгармасынын алдына коюлуучу негиз.

**ПОСТАНОВКА** Тургузуу, коюу, орнотуу.

**ПОСТАНОВЩИК** Пьесаны коюучу.

**ПОСТЕК** 1. *диал.* Жыгачтын кабыгы. 2. **бостек II** менен бирдей. *Ал очоктун боюнда жатчу койдун постегинин үстүндө күндөгүсүндөй бөкчөйүп отуруп алды* (Мавлянов).

**ПОСТМАСТЕР** *инф.* Компьютер түйүнүндө мекеменин почта серверинде же болбосо провайдер мекемесинде электрондук почтанын иштешине жооптуу адам.

**ПОСТСКРИПТУМ** Каттын аяк жагына кол коюлгандан кийин жазылган кошумча жазуу; «P.Ś» тамгаларын коюп туруп, андан кийин жазылган сөздөр.

**ПОСТУЛАТ** Далилсиз эле негиз кылып алынган жобо же принцип.

**ПОСТФАКТУМ** Бир нерсе жасалгандан кийин, бүткөндөн кийин (айтылган сөз, ой, жыйынтык, көз караш).

**ПОТЕНЦИАЛ** 1. Белгилүү бир чекиттеги электр магнитинин кубатын, күчүн мүнөздөөчү физикалык чондук. *Кыргызстан өзүнүн жаратылышына байланыштуу, туризмде зор потенциалы бар мамлекет катары саналат.* 2. *саяс.* Бир элдин, мамлекеттин курал-жарак, согуш күчтөрүнүн жыйындысы. 3. Адамдагы кубат, жөндөмдүүлүк, мүмкүнчүлүктөрдүн жыйындысы.

**ПОЧЕРК** Ар бир адамдын өзүнө гана тийиштүү, тамгаларды жазуу манерасы, жазууда тамгаларды сызуу мүнөзү.

**ПОЧТА** 1. Каттарды, газета-журналдарды, жеңил жүктөрдү, акча ж.б. бир жерден экинчи жерге жөнөтүп туруучу мамлекеттик байланыш мекемеси жана ошол мекеме жайгашкан имарат. *Катты почта менен жиберүү. Почта кызматкерлери.* 2. Ушундай мекеме аркылуу келген газета, журнал, кат-кабарлар. *Алынган почта. Бүгүнкү почта.*

**ПОЧТАЛЬОН** *к.* **почточу.** *Менин фамилиямды качан чакыраар экен деп, Мусабек почтальонду чыдамсыздык менен жалжал карайт* (Абдумомунов).

**ПОЧТАМТ** Шаардагы башкы почта мекемеси. *Шаардык почтамт.*

**ПОЧТО** **почта** менен бирдей.

**ПОЧТОБОЙ** *сүйл.* Почтальон, почточу. *Мен почтобой, почтобой, Кат ташыймын дем албай* (Осмонов). *Төрайымдын белгиси жок кат берген, Почтобойдун кабары жок апкелген* (Барпы).

**ПОЧТОЧУ** Почта тарабынан таркатылуучу кат, газета, журнал ж.б. ташуучу киши. – *Катты почточу алып келет да* (Турусбеков). *Бубуш почточунун колунан катты кандай алганын да байкабады.* («Ала-Тоо»)

**ПОШ** *эск.* Мындай болгула, жол бошоткула деген мааниде колдонулган. *Тар көчөлөрдө араба айдаган адамдар: пош, пош! деп кыйкыра турган. Аттарынын мойнуна он чакты коңгуроо тагып алып, «пош-поштоп» бай уулдары жорго салдырып жүрөт* (Жантөшев).

**ПОШЛИНА** *экон.* Тышка алып чыгуучу жана ичке алып кирүүчү товар, мүлк үчүн, ошондой эле мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү кээ бир иштер үчүн алынуучу мамлекеттик салыктын бир түрү.

**ПОЭЗИЯ** 1. Кең мааниде – жалпы эле көркөм сөз чыгармачылыгы, ойду сөздө образдуу чагылдыруу искусствосу. 2. Тар мааниде – ыргактуу уйкаштыкка негизделген ыр. 3. Кайсы бир улуттун, доордун, кандайдыр бир акындын же акындар тобунун поэтикалык чыгармаларынын жалпылыгы. *Кыргыз поэзиясы. XIX кылымдагы заманачыл акындардын поэзиясы. Символисттердин поэзиясы. Алыкул Осмоновдун поэзиясы. Поэзия асманында Күн, Айдай, Бирде чалкып, бирде калкып тургандай* (Мияшов).

**ПОЭМА** *адаб.* Ыр менен баяндалган лиро-эпикалык жанрдагы чыгарма. *С. Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасы.*

**ПОЭТИКА** 1. *адаб.* Көркөм адабият жөнүндөгү илим. 2. Кандайдыр бир акындын, адабий багыттын, доордун поэтикалык формаларынын жана принциптеринин системасы. *Пушкиндин поэтикасы. Эралиевдин поэтикасы. Фольклордук поэтика.*

**ПОЭТИКАЛУУЛУК** Кооздук, көркөмдүк, сонундук.

**ПОЭТИКАЛЫК** 1. Поэзияга таандык көркөм чыгармачылык. *Поэтикалык форма. Поэтикалык талант. А. Осмоновдун дүйнө, өмүр, өлүм жөнүндөгү ырлары өз тагдырына байланыштуу жазылганда гана кадыресе күчтүү чыгып, нукура поэтикалык касиет ала алган.* 2. *өт.* Кооз, көркөм, сонун.

**ПӨ** *анч.* Куштун бардык түрүн жана кыргыйды үндөгөндө, чакырганда айтылат.

**ПӨК** 1. Көндөй, ичи көндөй (жыгач). 2. *өт.* Бош, араң жан, көпшөк (киши). *Кой айдасам – тиши пөк, Кандайсың деген киши жок* (Эл ырлары).

**ПӨӨШ** **бөөш** менен бирдей. *Арам пөөш неме.*

**ПӨСТӨК** *диал. к.* **бостек II.**

**ПРАКТИКА** 1. *филос.* Коомдун жашоосу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган адамдардын иш аракеттеринин жалпы жыйындысы. 2. Алган билимин иш жүзүндө колдонуп көрүү, көнүгүү, машыгуу иштери, тажрыйба. *Настен мен мындагы ветеринардык пунктка практикага келген элем деди* (Убукеев). *Практикада тың адам окуганда деле кыйын билет* (Бейшеналиев). 3. Ык, көнүгүү, машыгуу жолдору. *Орус тилинен которуунун практикасы.*

**ПРАКТИКАЛЫК** Практикага таандык, тажрыйбадагы, иш жүзүндөгү. *Бышыктап алган билим келечекки мыкты адистин ишенимдүү таянычы болорун турмуштук практика нечен ирет тастыкталган. Алган билимин практикалык түрдө колдонуу. Практикалык максат. Практикалык иштерди жүр- гүзүү. Практикалык сабактарды өткөрүү.*

**ПРАКТИКАНТ** Практикадан өтүп жаткан адам (2-маанисинде).

**ПРАКТИКУМ** *пед.* Жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарында башталып өтүлүүчү лабораториялык сабактын бир түрү.

**ПРЕАМБУЛА** Эл аралык келишимдин же макулдашуунун кириш бөлүгү, анда адатта принциптүү жоболор менен себептер, келишим (макулдашуу) түзүү үчүн негиздер баяндалат.

**ПРЕЗЕНТАЦИЯ** *к.* **таанытым.**

**ПРЕЗИДЕНТ** 1. Башкаруунун республикалык формасы бар өлкөлөрдө мамлекет башчысы. *Кыргыз Республикасынын президенти. Илимдер Академиясынын президенти.* 2. Бир катар коомдук жана илимий мекемелер менен уюмдарда (анын ичинде эл аралык) ж.б. шайлануучу жетекчи, төрага. *Эл аралык Айтматов клубунун президенти.*

**ПРЕЗИДИУМ** 1. Чогулушту же кеңешмени алып баруу үчүн шайланган орган. *Эмесе, президиум көрсөтүп бергиле* (Маликов). 2. Кээ бир уюмдардын жана мекемелердин жетекчи органы. *Илимдер академиясынын Президиуму – КРУИАнын жогорку органы.*

**ПРЕЙСКУРАНТ** Товарлардын баасын көрсөтүүчү.

**ПРЕЛЮДИЯ** 1. Кезектеги музыка үчүн фон түзүп, мурда аткарылуучу чакан пьеса. 2. Музыкалык чыгарманын кириш бөлүмү. 3. *өт.* Киришүү, башталуу. *Зор окуянын прелюдиясы.*

**ПРЕМЬЕР** **премьер-министр** менен бирдей.

**ПРЕМЬЕР-МИНИСТР** Өкмөт башчысы, министрлер советинин же министрлер кабинетинин башчысы.

**ПРЕМЬЕРА** *театр.* Пьесанын, операнын ж.б. театрда биринчи жолу коюлушу.

**ПРЕПАРАТ** *мед.* 1. Изилдөө, байкоо жүргүзүү, үйрөнүү ж.б. максаттарда атайын даярдалган жаныбарлардын же өсүмдүк организ-

минин бир бөлүгү. 2. Лабораторияда же фабрикада даярдалган химиялык же фармацевтикалык зат, продукт. *Медициналык препарат. Витаминдүү препараттар. Иоддуу препарат.*

**ПРЕРОГАТИВА** Кандайдыр бир тармакта же кандайдыр бир маселе боюнча мамлекеттик орган же официалдуу адам ээ болгон өзгөчө укук.

**ПРЕССА** 1. Мезгилдүү басма (газета, журналдар). *Прессадагы маалымат.* 2. Мезгилдүү басманын кызматкерлери. *Пресса менен жолугушту.*

**ПРЕСС-АТТАШЕ** Дипломаттык өкүлчүлүктүн басма сөз боюнча кызматкери.

**ПРЕСС-БЮРО** 1. Басма сөздү даяр макалалар, маалыматтар, иллюстративдик ж.б. материалдар менен жабдып туруучу басма сөз агентстволордогу, ири газеталардын редакцияларындагы ж.б. мекемелердеги дайыма аракет кылуучу маалымат органы. 2. Болуп жаткан окуяларды жарыялап туруучу журналисттерге көмөк көрсөтүү үчүн съезддер, конференциялар, кеңешмелер учурунда уюштурулуучу маалыматтык кызмат.

**ПРЕСС-КОНФЕРЕНЦИЯ** Расмий мамлекеттик, коомдук уюмдардын, илимпоздордун жана башкалардын кеңири коомчулукту кызыктырган маселелер боюнча басма сөз, радио, теле көрсөтүү, телеграфтык-маалыматтык органдарынын өкүлдөрү менен жолугушуусу, аңгемелешүүсү.

**ПРЕСС-РЕЛИЗ** 1. Басма сөз үчүн чакан билдирүү, маалымдама. 2. Пресс-бюродо өкмөттүк мекемелер чыгарган актуалдуу маалыматы бар атайын бюллетень, маалымат баракчасы.

**ПРЕСС-СЕКРЕТАРЬ** Официалдуу жогорку кызматкердин же мекеменин ишмердиги, иш пландары жөнүндө прессага маалымат берип туруучу өкүлү. *Президенттин пресс-секретары.*

**ПРЕСТИЖ** Коомдук салмак, бедел, кадыр, барк.

**ПРЕЦЕДЕНТ** Мурда болуп өткөн жана азыркы кезде ушундай аракеттерди жасоо үчүн үлгү же негиз болуп кызмат кылуучу учур, иш, окуя.

**ПРИБОР** Кандайдыр бир максатка, бир нерсени өлчөө, көзөмөлдөө, байкоо ж.б. иштер үчүн арналган атайын түзүлүш, аспап, шайман.

**ПРИВАТТАШТЫРУУ** Менчиктештирүү. *«Кыргыз Республикасында турак жай фондусун приватташтыруу жөнүндө» мыйзамынын алтынчы беренесинин биринчи абзацы конституцияга ылайык эмес* («Кыргыз Туусу»).

**ПРИЁМНИК** Радиотехникада жана телемеханикада берилген сигналды, сөздү, музыканы ж.б. кабыл алуучу аппарат, радио берүүлөрдү кабыл алуучу аппарат. *Приёмник бар ар бирөөнүн үйүндө, Сайрап берет ар бир элдин тилинде* (Осмонкул). *Приёмниктен Москвадан сөз угам, Телефондон балдарымды чакырам* (Осмонкул).

**ПРИКАЗ** *к.* **буйрук.**

**ПРИЛАВКА** Дүкөндө, соода жайларында сатуучуну сатып алуучулардан бөлүп туруучу жана товарларды жайып соода кылынуучу асты жабык узун стол, текче.

**ПРИМИТИВ** 1. Жөнөкөй, жана олдоксон иштелген нерсе. 2. Ар бир алгачкы, өрчүбөгөн, жөнөкөй кубулуш, искусстводо – эң алгачкы жөнөкөй чыгарма.

**ПРИМИТИВИЗМ** 1. Татаал суроолорго, нерселерге жөнөкөй мамиле кылуу. 2. XIX-XX кылымдардагы искусствонун бир багыты. Алар атайы сүрөттөөчү искусствону көркөмдүк формага айлантышкан.

**ПРИМУС** Керосинди насостун жардамы менен жиберип күйгүзүп, тамак бышыра турган прибор. *Балким, сизде примус же керогаз бар чыгар* (Бейшеналиев).

**ПРИНТЕР** *инф.* Компьютерден документти кагазга басып чыгаруучу аппарат.

**ПРИНЦИП** 1. Кандайдыр бир теориянын, окуунун, илимдин жана башкалардын келип чыккан негизги жобосу, эрежеси. 2. Көз караш, ишеним. *Өз принцибинде туруу. Пеленгатор алдын билип айтууда, Принципке ким түкүрүп жатканын* (Күрүчбеков).

**ПРИНЦИПИАЛДУУ** Негиздүү, принципке негизделген, кандайдыр бир принцип менен байланышы бар, маанилүү.

**ПРИНЦИПИАЛДУУЛУК** Негиздүүлүк, ар бир маселеге, милдетке кабыл алынган принциптерди ырааттуу түрдө жүргүзүү позициясынан мамиле жасоого жөндөмдүүлүк, жасай билүүчүлүк.

**ПРИНЦИПСИЗ** Негизсиз, эч кандай принциби жок, эч кандай принципке негизделбеген, принцип кармабаган.

**ПРИНЦИПТҮҮ** Белгилүү эрежеге негизделген, кандайдыр бир принцип менен байланышы бар, ошол принципти кармаган.

**ПРИНЦИПТҮҮЛҮК** Эреже, жобого негизделгендик, кандайдыр бир принцип менен байланыштуулук, ошол принципти кармагандык.

**ПРИОРИТЕТ** Бир нерсенин артыкчылык абалы, биринчилик деген мааниде.

**ПРИСТАВ** *тар.* Падышалык Россияда, анча чоң эмес административдик райондогу полиция начальниги.

**ПРИСТАНЬ** Деңиздин, көлдүн же дарыянын жээгиндеги кеме токтоп, жүк жүктөө, жүк түшүрүү сыяктуу иштер аткарылуучу жай. *Күткөндөр тарап-тарап суюлганда, Аксакал бир чал калды пристанда* (Осмонов).

**ПРИСТУП** Кармай калуу, эски дарттын күчүркөнүп, капыстан кармай калышы (мис. оору, ачуу, безгек).

**ПРИТЧА** *адаб.* Адабияттагы дидактикалык-аллегориялык жанр.

**ПРОБИРКА** Лабораториялык иштерде колдонулуучу бир учу туюк айнек түтүкчө.

**ПРОБЛЕМА** 1. Чечилиши талап кылынып турган теориялык же практикалык олуттуу маселе. 2. Көйгөй, көйгөйлүү маселе.

**ПРОБЛЕМАТИКА** Чечилүүсү мүмкүн сыяктанган, божомолдуу проблематиканын жыйыны.

**ПРОВИЗОР** Дарыгер, өз алдынча фармацевтикалык ишке жана аптеканы башкарууга укук берүүчү наам.

**ПРОВИНЦИАЛ** Маданият борборунан алыс, четте жүрүүчү адам.

**ПРОВИНЦИАЛИЗМ** Маданият борборунан алыс жашаган адамдын үрп-адаты.

**ПРОВИНЦИЯ** 1. Бир катар чет мамлекеттердин административдик-территориялык бирдиги. 2. Мамлекеттин борборунан, борбор шаарынан четте турган шаарлар жана райондор, периферия деген маанини түшүндүрөт.

**ПРОВОКАТОР** 1. Ичтен жарып-бузуучу жашырын тыңчы. 2. Чыккынчылык, бузукулук максат менен жолдон чыгарып азгыруучу, көкүтүүчү адам.

**ПРОВОКАЦИЯ** Айрым адамдарды, бир топ адамды, уюмдарды жана бүткүл өлкөлөрдү акыры алар үчүн оор боло турган, кээ бир учурларда апатка да учурата турган иштерге, аракеттерге тартып көкүтүүчүлүк, ишти начарлатуу, максатындагы чыккынчылык аракет, азгыруу, ээликтирүү.

**ПРОГНОЗ** Илимий маалыматтарга таянып, алдын ала билип айтуу.

**ПРОГРАММА** 1. Иштей турган нерсенин мазмуну жана толук планы. 2. Саясий партиянын, уюмдун же жеке ишмердин иштеген ишинин максатын, мазмунун көрсөтүү. 3. Бир нерсени өткөрүүдө көрсөтө турган нерсенин тартиби. 4. Концерттин, цирктеги көрсөтүүнүн, радио-телекөрсөтүүнүн мазмуну. 5. Окуу предметтин, курстун кыскача мазмуну. *Орус тилинин программасы. 5–6-класстар үчүн кыргыз тилинин программасы. Кыргыз тарыхынын программасы.*

**ПРОГРАММАЛЫК** Программага таандык, программага ылайык, программада көрсөтүлгөн. *Программалык материал. Программалык талап.*

**ПРОГРАММИСТ** Программалоо ишин жасаган адис.

**ПРОГРЕСС** Илгерилеп, мыктыланып өрчүү, алга өнүгүүчүлүк. *Эл – тарыхты түзүүчү, коомдук прогресстин башкы күчү.*

**ПРОГРЕССИВДҮҮ** 1. Акырындап өсүп-өнүгүүчү, пропорциялуу түрдө чоңоюучу. *Кызматтан тышкары убактарда иштегендиги үчүн прогрессивдүү акы төлөө. Төлдү чыгашасыз асырагандыгы үчүн прогрессивдүү эмгек акы.* 2. Саясий, социалдык-экономикалык жагынан алдынкы коомдук прогресске умтулган, ага жардам берген. *Прогрессивдүү окумуштуулар.*

**ПРОДУКТ** 1. Азык, азык-түлүк. *Тамак-аш продуктылары.* 2. Адамдын эмгеги, акылы, аракети жумшалуудан алынган, келип чыккан натыйжа, ар кандай жолдор менен иштетилип чыгарылган, түзүлгөн же пайда болгон нерселер, заттар. *Өнөр жай продуктылары. Китеп – көп жылдык эмгектин продуктусу. Нефтиден иштетилген продуктылар.*

**ПРОДУКТУУЛУК** Натыйжалуулук, өнүмдүүлүк, түшүмдүүлүк. *Мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатууда тоют базасы чечүүчү мааниге ээ болот.*

**ПРОДУКЦИЯ** Кандайдыр бир ишкана, өнөр жайынын кандайдыр бир тармагы же өлкөнүн бүткүл эл чарбасы тарабынан белгилүү убакыттын ичинде иштеп чыгарылган продуктылардын жыйындысы, иштеп чыгарылуучу нерселер. *Өнөр жайынын дүң продукциясы. Даяр продукция. Фабриканын жылдык продукциясы.*

**ПРОДЮСЕР** Киноматографияда, телекөрсөтүү, радио берүү продукциясын жаратууда анын идеялык-көркөмдүк маанисин жана уюштуруу-финансылык чараларын көзөмөлгө алган уюштуруучу.

**ПРОЕКТ** 1. Долбоор. 2. Ой, план.

**ПРОЕКЦИЯ** Сүрөттү экранга түшүрүү.

**ПРОЖЕКТОР** Жарыкты күчөтүп, белгилүү бир багытка карай топтоштура багыттап туруучу күчтүү жарык кылуучу прибор. *Прожектордун жарыгынан самолёт качып буйтайт* (Баялинов).

**ПРОЗА** Кара сөз түрүндөгү чыгармалар, анда ырга мүнөздүү болгон уйкаштык сакталбайт.

**ПРОЗАДАГЫ ЫР** *адаб.* Прозалык чыгармада каармандын лирикалык туюмдары, күчтүү эмоция менен белгилүү бир ритмдик ыргакта берилиши.

**ПРОЗАИЗМ** *адаб.* Чыгарманын түзүлүшүнө, поэтикасына сиңип кете албаган, андан четте калган күнүмдүк турмуш-тиричилик ыңгайдагы сөздөр.

**ПРОЗАИК, прозачы, кара сөзчү** *адаб.* Кара сөз түрүндө көркөм чыгарма жазган автор.

**ПРОЗАЛЫК** Прозага таандык, проза түрүндөгү. *Баялиновдун «Ажары» кыргыз жазма адабиятындагы алгачкы прозалык чыгармалардан.*

**ПРОКАТ** Бир нерсени акысын алып, убактылуу пайдалануу.

**ПРОКУРАТУРА** *юр.* Мамлекеттик мый-

замдын так аткарылышына байкоо жүргүзүп, көз салып туруучу, ал бузулган кезде күнөөкөрлөрдү айыптап, сот жообуна тартуучу мамлекеттик орган.

**ПРОКУРОР** 1. Мыйзамдардын так аткарылышына мамлекеттик байкоо жүргүзүп, көз салып туруучу адам. *Республикалык прокурор. Райондук прокурор.* 2. Соттогу мамлекеттик айыптоочу.

**ПРОЛЕТАР** *тар.* Социалисттик революцияны иш жүзүнө ашыруу учурунда коомдогу өндүрүш каражаттары жок жалданма, кедей, жумушчуну ушундай аташкан.

**ПРОЛЕТАРДЫК** **пролетарга** таандык. *Пролетардык революция.*

**ПРОЛЕТАРИАТ** Өндүрүш каражаты болбогон, жалданып иштөөчү кедей жумушчулардын табы.

**ПРОЛЕТАРЧЫЛ** Пролетариатты жактоочу, пролетариаттын таламын талашкан. *Жазамын мен, Пролетарчыл атым бар. Жаз акындар! Силерге да шартым бар* (Токомбаев).

**ПРОЛОГ** *адаб.* 1. Адабий чыгармалардагы киришүүнүн бир түрү. Анда автордун ниети, чыгарманын кыскача мазмуну алдын ала баяндалат, каармандары жөнүндө алгачкы түшүнүк берилет, бүткүл чыгарманын кийинки жүрүшү үчүн өзөк болуучу окуялар баяндалат.

**ПРООБРАЗ** *к.* **прототип.**

**ПРОПАГАНДА** Кандайдыр бир идеяны, окууну, илимди жайылтуу жана анын маани-маңызын көпчүлүккө түшүндүрүү. *Партиялык пропаганда.*

**ПРОПАГАНДАЛА** Пропаганда иштерин жүргүзүү.

**ПРОПАГАНДАЛОО** **пропагандала** этишинин кыймыл атоочу.

**ПРОПАГАНДАЛЫК** **пропагандага** таандык. *Пропагандалык иштер.*

**ПРОПАГАНДИСТ** Пропаганда иштерин жүргүзүүчү, пропагандалоочу.

**ПРОПАН** *хим.* Мунай жана табигый газдар курамында болуучу түзсүз, жытсыз, күйүүчү зат.

**ПРОПЕЛЛЕР** Самолёт, вертолёт, дирижабль ж.б. айлангыч тетиги.

**ПРОПОЛИС** *к.* **мом.**

**ПРОПОРЦИОНАЛ** Эки нерсенин өлчөм бирдигинин бири-бирине карата шайкештиги, туура келүүсү.

**ПРОПОРЦИЯ** Байланыш, катыштагы тең келүүчүлүк, шайкештик, барабардык.

**ПРОПУСК** 1. Кирүүгө, өтүүгө укук берүүчү күбөлүк, уруксат кагаз. *Балдар сүрөттөрү жабыштырылган пропускаларды төш чөнтөктөрүнө салышты* (Сасыкбаев). 2. *сог.* Пароль. – *Пропуск! – деп кыйкырган үн чыкты* (Каралаев).

**ПРОРАБ** Курулуш иштерин башкарып туруучу инженер, адис.

**ПРОРЕКТОР** Жогорку окуу жайында ректордун орун басары.

**ПРОСПЕКТ I** Кең, түз, чоң көчө. *Чүй проспектиси. Тынчтык проспектиси.*

**ПРОСПЕКТ II** Бир нерсенин планы, кыскача мазмуну көрсөтүлгөн долбоору. *Окуу китебинин проспектиси.*

**ПРОСТАТИТ** *мед.* Эркектин урук чыктагыч безинин сезгениши.

**ПРОТЕЗ** Жасалма мүчө, мисалы, бут, кол, тиш.

**ПРОТЕИН** Белоктун бир түрү, жөнөкөй белоктор.

**ПРОТЕКЦИОНИЗМ** Өзүнүн өнөр жайларын колдоо максатын көздөп, тыштан келүүчү товарларга кымбат салык салуу саясаты.

**ПРОТЕКЦИОНИСТ** Протекционизмди жактоочу адам.

**ПРОТЕКЦИЯ** Колдоо, беделдүү инсандын (кимдир бирөөгө) ишти жайгаштырууга, кызматка көтөрүлүүсүнө көрсөткөн колдоосу.

**ПРОТЕСТ** 1. Ачык, кескин каршылык. 2. *юр.* Кандайдыр бир чечимге макул эместик жөнүндө билдирүү.

**ПРОТИВОГАЗ** Ууктуруучу газдардан жана түтүндөн сактануу үчүн башка жана бетке каптап кийилүүчү атайын прибор. *Кээде башка противогаз, Газга каршы киемин* (Токомбаев).

**ПРОТОКОЛ** 1. Чогулушта, стурумда, сурак убагында жана башка убактарда болуп өткөн сөздөр жазылган документ. 2. Кандайдыр бир факты, болгон окуя жөнүндө күбөлүк берүүчү документ. 3. Бир маселе боюнча мамлекеттердин ортосундагы кат жүзүндөгү келишим. 4. Дипломатиялык протокол – ар түрдүү дипломаттык актыларды ишке ашыруу тартибин жана ар түрдүү өлкөлөрдүн дипломаттары ортосундагы мамилелердин тышкы формаларын жөнгө салып туруучу эрежелердин жыйындысы.

**ПРОТОТИП** *адаб.* Образга негиз болгон деген мааниде, прообраз – чыгарманын каарманынын жаралышы үчүн негиз болгон, турмушта жашаган адам.

**ПРОФЕССИОНАЛ** Белгилүү бир кесипке адистешкен адам.

**ПРОФЕССИОНАЛДЫК** Адистешкендик, кесиптик.

**ПРОФЕССИОНАЛДЫК СОЮЗ** Кесиптеш жумушчулар менен кызматчылардын биримдиги жана алардын кызыкчылыгын жактоочу массалык уюм.

**ПРОФЕССИЯ** Белгилүү бир даярдыгы бар кесипчилик, иштеген негизги кесиби. *Профессияга ээ болуу. Профессиясын өзгөртүү.*

**ПРОФЕССОР** Жогорку окуу жайларынын квалификациялуу окутуучусуна жана илим-изилдөө мекемелеринде илимий-изил-

дөө иштерине жетекчилик кылган илимий кызматкерине берилүүчү окумуштуулук наам жана ошол наамды алган адам.

**ПРОФИЛЬ** 1. Нерсени туурасынан, капталынан карагандагы көрүнүш. 2. Бир өнөрдү, кесипти үйрөнүү үчүн зарыл болгон билимдин жана машыгуулардын көлөмү. 3. Бир нерсенин туурасынан, узунунан, тикесинен кесилгендеги көрүнүшү.

**ПРОФКОМ** Профсоюздук уюмдун жергиликтүү комитети.

**ПРОФСОЮЗ** Профессионалдык союз.

**ПРОФСОЮЗДУК** **профсоюзга** таандык. *Профсоюздук билет. Профсоюздук жыйналыш.*

**ПРОЦЕНТ** *к.* **пайыз.**

**ПРОЦЕСС** 1. Белгилүү бир натыйжага жетүүгө багытталган ырааттуу аракеттин, өнүгүштүн жыйындысы. *Өндүрүш процесси. Өсүмдүктүн өнүгүү процесси.* 2. *юр.* Сотко түшкөн иштерди кароо тартиби, сот ишинин жүрүшү. *Кылмыш процесси. Граждандык процесс.*

**ПРОЦЕССОР** Ар кандай маалыматтарды иштеп жана эсептөө процессин башкарып туруучу электрондук эсептөө машинанын эң негизги уюштуруу борбору.

**ПРОЕКТ** *к.* **долбоор.**

**ПРУЖИНА** Толгонуп ийилген же толгонуп оролгон, көбүнчө машинанын, механизмдин ж.б. ички деталы катарында колдонулуучу солкулдак, серпилгич болот, темир металл *Сааттын пружинасы. Матрацтын пружинасы.*

**ПРУЖИНАЛУУ** Пружинасы бар, пружина салынган, пружина орнотулган.

**ПРЯНИК** Бал же башка татымалдар кошуп жасалган калыңыраак таттуу печенье.

**ПСЕВДО** Татаал сөздөрдүн «жалган», «калп» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү. *Псевдоним, псевдомаданият.*

**ПСЕВДОНИМ** Көбүнчө жазуучулар, художниктер колдонуучу жашырын аты же фамилиясы.

**ПСИХИАТР** Психиатрия боюнча адис.

**ПСИХИАТРИЯ** Психикалык оорулар жана аны дарылоо жөнүндөгү илим.

**ПСИХИКА** Жогорку нерв иштерине негизделген жана чындыкты сезүүгө, байкоого жөндөмдүүлүгүн далилдеген тирүү организмдерге таандык болгон (ал эми адамда болсо ойлоосунда, эркинде да көрүнүүчү) бөтөнчө касиет.

**ПСИХИКАЛЫК** **психикага** таандык.

**ПСИХОЛИНГВИСТИКА** Сүйлөө кебинин кабыл алынышын, жаралуусунун мыйзам ченемдүүлүгүн изилдеген илим.

**ПСИХОЛОГ** 1. Психология боюнча адис. 2. Адамдын психологиясын жакшы байкай билген адам.

**ПСИХОЛОГИЯ** Психикалык иштин мыйзам ченемдүүлүгү, өнүгүшү жана формалары жөнүндөгү илим. 2. Мүнөздүн, ой-пикирдин, сезимдин бөтөнчөлүгү. *Эскинин саркындылары жеке менчиктин психологиясынан көрүнөт* («Коммунист»).

**ПУБЛИКА** Эл.

**ПУБЛИЦИСТ** Коомдук-саясий маселелер боюнча жаза турган жазуучу.

**ПУБЛИЦИСТИКА** Азыркы кездин актуалдуу коомдук-саясий проблемаларына арналган адабияттын түрү.

**ПУБЛИЦИСТИКАЛУУЛУК** *адаб.* Көркөм чыгарманын ичинде учурдун көйгөйлүү маселелеринин, коомдук турмуштун мезгилде өктөм болчу проблемаларынын чагылдырылышы.

**ПУД** 16,3 килограммга же 16 килограммга барабар келген салмак өлчөмү. *План толуп, эмгек тийип жүз пуддан, Дагы тиет кошумча эмгек кырк пуддан* (Осмонов).

**ПУЛ** 1. Акча. *Силер жөнөгөндө бир сыйра кийим-кечек, азык-түлүк, жолуңарга анча-мынча пул аласыңар* (Абдукаримов). *Беш-беш сомдон пул алып, Пейли кетти Акматтын* (Токтогул). *Пулун пулдай албаган досун сыйлай албайт* (макал). *Пулсуз – калаа көрксүз, гүлсүз – талаа көрксүз* (макал). 2. *тар.* Жарым тыйын, жарым тыйындык монета. *Жалгыз чака пулу жок, Жакшылык көргөн жылы жок* (Тоголок Молдо). 3. Кездеме, товар. *Фабрикадан чыгарылган көп пулду, Баалап кылган балбан алсын кенелип* (Осмонкул). *Калаага бир иш менен шашып бардык, Кайтарда көп таза пул сатып алдык* (Осмонов).

**ПУЛЕМЁТ** Өтө тездик менен ок атуучу автоматтык курал. *Кол пулемёту.*

**ПУЛЕМЁТЧИК** **пулемётчу** менен бирдей.

**ПУЛЕМЁТЧУ** Пулемёт атуучу адам.

**ПУЛЬТ** 1. Электр станцияларында токту өлчөө үчүн коюлган прибор, орнотулган кайкы чатырлуу стол. 2. *муз.* Нотанын алдына коюлуучу айдөш тактайча. 3. Диспетчердик пункт. 4. Телевизорду, видеомагнитофонду ж.б. аралыктан башкарууга ылайыкталган чакан аппарат.

**ПУНКТ** 1. Кандайдыр бир ишти иштөө үчүн чогултуу, жыйноо үчүн дайындалган же кандайдыр бир максат үчүн ылайыкталган жай, орун. *Эгин төгүүчү пункт. Медициналык пункт. Байкоо пункту.* 2. Номер же тамга менен белгиленген официалдуу документтин бир бөлүгү; докладдын, тексттин айрым бир жери, бөлүгү. *Келишимдин 4-пункту. Докладдын негизги пункттары.*

**ПУНКТУАЛДУУ** Өтө так, тыкан.

**ПУНКТУАЦИЯ** *грамм.* Тыныш белгилеринин коюлуш системасы.

**ПУРСАТ** *туурасы:* **бурсат.** *Атаң, энең келгиче, Пурсаты жок жөндүң* («Эл адабияты»).

**ПУТЕВКА** 1. Бир жакка (курортко, курска ж.б.) жиберилүүчү адамга бериле турган күбөлүк кагаз. *Куррорттук путёвка. Дем алыш үйүнүн путёвкасы. Кызматка жиберилгендиги жөнүндө путёвка.* 2. Транспорт айдоочуларга жүрө турган жолун, аткара турган ишин көрсөтүп берилген баракча, жолдомо.

**ПУТЧ** Мамлекеттик төңкөрүш жасоого авантюралык аракет жасашкан козголоңчулардын кичине тобу.

**ПУШТУ** Мала кызыл, коюу сары түс. *Жашыл шайыдан, пушту жибектен тигилген көйнөктөрүн алып көрсөтүп жатты* (Абакиров).

**ПЫРПЫРА бырпыра** менен бирдей.

**ПЫЧАН** *диал.* Көк өң алып, узун чыга турган, жайдын ортосунда көк, жашыл гүл ачып, гүлү күз башында күбүлүп, жерге түшкөндөн кийин урук алып, анысы кызыл тартып, жарганда ак тоголок чыккан өсүмдүктүн аты. *Бир жылы аштык баккан-да, Пычанды калың чапканда* (Эл ырлары). *Пычан төшөп чөп алачык ичине, Дем алышат чалгычылар чак түштө* (Байзаков).

**ПЬЕДЕСТАЛ** Эстеликтин скульптуралык топтун бут койгучу же астындагы текче, колонналардын негизи, түбү.

**ПЬЕСА** 1. Театрда коюуга арналган драмалык чыгарма. *Бир актылуу пьеса. Эки актылуу пьеса.* 2. Чакан гана музыкалык чыгарма. *Баянда ойноо үчүн жазылган пьесалардын жыйнагы.*

**ПЮРЕ** Бышырылган жемиштен, жашылчадан эзип жасалган тамак.

# Р

**РААЗЫ ыраазы** менен бирдей. *Раазы болуп жаным жай алсын, Райым кылып кулчу бир карап* (Белеков).

**РААКАТ ыракат** менен бирдей.

**РААТ ыраат II** менен бирдей.

**РАБАТ** 1. Таш үй, Кербен сарай. 2. Бекет. 3. Эл отурукташкан жайдан алыс жолдун тоомуна ары-бери өткөн жүргүнчүлөр өргүп, эс алып, конуп өтүү үчүн атайын тургузулган имарат. *Кумга рабат салгандан, Кумарайым бааша дээр* («Манас» С.О.). *Колдон келсе рабат, Коргон салгын бир жерге* (Молдо Кылыч).

**РАБАЯТ** 1. Илгертеден калган накыл. 2. Уламыш, икая, аңгеме, жомок.

**РАББИ** Жаратуучу, кудай, алла. *Көргө өлүктү койгондон кийин, эл кырк кадам кетери менен эки суракчы периште көргө кирип, өлүктү тиргизип, «раббиң ким?» деп сурайт имиш (Карасаев). Сен андай куйгүч болсоң, Үңкүр-Наңкир периштелер Карасакалыңды кармап туруп: «раббиң ким?» – деп, чоң күрсү менен баштан ары салганда эмне арачалап калбадың?* (Үмөталиев).

**РАБФАК** *эск.* Жумушчу факультети (жумушчу жана дыйкан жаштарын жогорку окуу жайларында окууга даярдоо максатын көздөгөн жалпы билим берүүчү окуу жайы, жумушчу факультеттери 1919-жылдан тартып 30-жылдардын аягына чейин болгон). *Муну Фрунзеде рабфакта окуган Бейшеке байкемден үйрөнгөм* (Бейшеналиев).

**РАГУ** Майда тууралган эт, балыктан жашылча, картошка кошуп дымдалып бышырылган тамак.

**РАДАР** Аралыкты аныктоочу радиоаппаратура.

**РАДИАТОР** 1. Мотордогу сууну сууткуч жабдык. *Айсулуу арыктан бир чака суу чөмүрүп келип радиаторго куйду* (Баялинов). 2. Борбордук жылыткычтагы ичинен ысык суу же буу жүрө турган жылытуучу жабдык.

**РАДИАЦИЯ** *физ.* 1. Кандайдыр бир телонун электромагнит кубатын таратышы, ошондой эле телодон таралган электромагниттик, шоолалуу энергия. *Күндүн радиациясы.* 2. Борбордон айланага карай шоола сымал радиус болуп бир нерсенин таралышы.

**РАДИЙ** Радиоактивдүү касиеттери бар металл, химиялык элемент.

**РАДИКАЛ I** 1. *мат.* Тамырын табуу амалын көрсөтүүчү белгиси, ошондой эле тамырын табуунун натыйжасы. 2. *хим.* Химиялык бир кошундудан экинчи кошундуга өзгөрбөстөн өтө турган молекуладагы атомдор группасы.

**РАДИКАЛ II** 1. *саяс.* Жашап жаткан саясий системанын рамкаларынан чыкпай туруп, анча-мынча гана демократиялык реформаларды жүргүзүүнү талап кылуучу саясий агым, ушундай көз караштын тарапкерлери. 2. Чечкиндүү аракетти, көз караштыжактоочу.

**РАДИКАЛДУУ** Терең негиздүү, чечкиндүү. *Радикалдуу өзгөрүүлөр. Радикалдуу чаралар.*

**РАДИКАЛИЗМ** 1. Ойлонгон ниетин чечкиндүү, компромиссиз ишке ашыруу, ал же бул иште болуп турган абалды түп-тамырынан тарта өзгөртүүгө умтулуу. 2. XIX кылымда пайда болгон саясий агым.

**РАДИО** 1. Электромагниттик толкундардын жардамы менен узак жерге добуштарды, тамгаларды ж. б. зымсыз берүү жана кабыл алуу. *Радиону ойлоп чыгарган – орус окумуштуусу Попов.* 2. Ушундай жол менен берилген берүүлөрдү кабыл алып жана угузуучу аппараттар, радиоприемник, репродуктор. *Радио, телефон үй башына сүйлөдү* (Осмонкул). *Радиону сүйлөтүп коюу. Радиону басып коюу.*

**РАДИО ТҮЙҮНҮ** Радио аркылуу берүүлөрдү трансляциялап туруу үчүн жана зым аркылуу радио байланышын, радио аркылуу берүүлөрдү жүзөгө ашырып туруу үчүн ылайыкталып атайын жабдылган пункт.

**РАДИОАКТИВДҮҮ** Радиоактивдүүлүккө байланыштуу, радиоактивдүүлүк касиети бар. *Радиоактивдүү заттар*

**РАДИОАКТИВДҮҮЛҮК** Активдүү түрдө шоолалануу менен кээ бир химиялык элементтердин атомдук ядросунун таралышы, бузулушу. *Жасалма радиоактивдүүлүк. Табигый радиоактивдүүлүк. Урандын радиоактивдүүлүгү.*

**РАДИОАСТРОНОМИЯ** *астр.* Асман объектилерин алардын радионурланууулары боюнча изилдей турган астрономиянын бөлүмү.

**РАДИОБИОЛОГИЯ** Тирүү организмге иондоштуруучу нурлардын таасири жөнүндө илим.

**РАДИОГРАММА** Радио менен берилген телеграмма, кабар, маалымат.

**РАДИОДИАГНОСТИКА** Радий активдүү заттардын жардамы менен дарттарды, ооруларды диагноздоо.

**РАДИОЛА** Радиоприемниги жана грам-

мофондук пластинкаларды ойноткучу бар аппарат.

**РАДИОЛОКАТОР** *тех.* Алыс жердеги көрүнбөгөн нерселердин кайдан экендигин радио толкундары аркылуу белгилөөчү аппарат, техникалык түзүлүш.

**РАДИОЛОКАЦИЯ** Алыс жердеги көрүнбөгөн нерселердин кайда экендигин, кайсы багытка карай бет алып бараткандыгын радио толкундары аркылуу билүү ыкмасы.

**РАДИОЛОШТУР** Радио орнотуу, радио жүргүзүү.

**РАДИОЛОШТУРУУ** **радиолоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**РАДИОМАЯК** Кеме жана самолёттор өзүнүн кайсы жерде экендигин аныктап билүүгө жардам бере турган түрдүү сигналдарды берип туруучу радиостанция.

**РАДИОПРИЁМНИК** Радио аркылуу берүүлөрдү кабыл алуучу аппарат.

**РАДИОСТАНЦИЯ** Радио аркылуу радио берүүлөрдү, сигналдарды кабыл алуучу же берүүчү станция.

**РАДИОСТУДИЯ** Радио аркылуу таратылуучу кабарларды ж.б. берүүчү атайы жабдылган бөлмө, үй.

**РАДИОТЕЛЕГРАММА** **радиограмма** менен бирдей.

**РАДИОТЕЛЕГРАФ** 1. Телеграф байланышы үчүн радио аркылуу берип жана кабыл алып туруучу аппаратуранын жалпы аты. 2. Жогоркудай сигналдарды кабыл алып жана берип туруучу мекеме, станция.

**РАДИОТЕЛЕСКОП** *астр.* Радиотолкун диапазонунда асман телолорун изилдөөгө арналган астрономиялык аспап.

**РАДИОТЕЛЕФОН** *тех.* Телефон байланышын радио аркылуу берип жана кабыл алып туруучу аппаратуранын жалпы аты.

**РАДИОТЕРАПИЯ** Радиоактивдүү нурлардын жардамы менен дарылоо.

**РАДИОТЕХНИК** Радиотехника жагынан адис.

**РАДИОТЕХНИКА** *тех.* Жогорку жыштыктагы электромагниттик термелүүлөр жана радио толкундар жөнүндөгү жана аны практика жүзүндө колдонуу ыкмалары жөнүндөгү илим.

**РАДИОЭФИР** Радио толкуну таралган аба мейкиндиги.

**РАДИСТ** Радио аркылуу кабар алып, кабар берүүчү адис.

**РАДИУС** 1. *мат.* Тегеректин же шар бетинин каалаган чекитин борбор менен бириктирүүчү түз сызык жана ушул сызыктын узундугу. 2. *өт.* Нерсенин таралуу сферасы, чөйрөсү.

**РАДОН** Медицина, биология жана техникада пайдаланылуучу радиоактивдүү химиялык элемент, газ. *Радон газы.*

**РАДОНДУУ** Курамында радону бар, радондолгон.

**РАЖА** 1. Сызгыч жип, салмоор. – *Үй салып атасызбы, Мамажан – Бува? – деди Балтабаев саламдашкан соң, ража тартып, пайдубалына таш тизип жаткан жерге барып тегерете карап туруп.* (Абдыраманов). 2. План, долбоор. 3. Тартип, эреже, илгерки жобо.

**РАЖА ТОКТОТУУ** *эск.* Элден алынуучу чыгымдын өлчөмүн белгилөө. *Уруу аксакалдары жыйында чыгымдын ражасын токтотушту.*

**РАЗРЯД** Кесипте, адистикте, спортто ж.б. квалификациялык даража көрсөткүчү. *Жогорку разряд. Биринчи разряддагы шахматчы.*

**РАЗРЯДЧЫ** Электр тогун ажыратып туруучу жабдык.

**РАЗЪЕЗД** Бет келген поезддер бири-бирине жол берип өтүү үчүн жасалган темир жол айрыгы жана ушундай жол айрыгы бар пункт.

**РАИС** *диал.* Төрага. – *Коюң, раис, бөөдө ачууланбаң!* (Байтемиров).

**РАЙКАН** Эфир майы алынуучу көп жылдык өсүмдүк.

**РАЙОН** Республиканын курамына кирүүчү, ошондой эле чоң шаарлардагы административдик-территориялык бирдик. *Бишкек шаарынын Ленин району. Жүргөн элем санаа чекпей оокат деп, Районго депутат деп катталып* (Артыкбаев). 2. Кандайдыр бир географиялык, экономикалык, чарбалык ж.б. жагынан мүнөздүү белгиси болгон жай, орун, жер. *Пахта райондору. Тоолуу райондор.*

**РАЙОНДОШТУР** Кандайдыр бир территорияны райондорго бөлүү.

**РАЙОНДОШТУРУУ** **райондоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**РАЙОНДУК** Районго таандык. *Райондук борбор. Райондук газета.*

**РАЙЫМ** **ырайым** менен бирдей.

**РАЙЫМСЫЗ** **ырайымсыз** менен бирдей.

**РАК I** Башында жана кадыресе мойну деп аталуучу боорунда тарбыйган буттары бар, денеси калкан менен капталган, тузсуз сууда жашоочу омурткасыз жаныбар, суу чаяны.

**РАК II** Эпителиалдык ткандардан өсүп чыккан коркунучтуу, өсүү себеби белгисиз шишик.

**РАКАТ** **ыракат** менен бирдей.

**РАКЕТА** 1. Фейерверктер үчүн, ошондой эле согуш ишинде сигнал берүү жана жерди жарык кылуу үчүн колдонулуучу, атылганда жаркырап күйө турган снаряд. *Сигнал берүүчү ракета.* 2. Реактивдүү кыймылдаткычы бар учуучу аппарат. 3. Согуштук реактивдүү снаряд.

**РАКЕТАЛЫК** Ракетага таандык. *Ракеталык бөлүктөр. Ракеталык курал.*

**РАКЕТКА** *спорт.* Теннис ойногондо топ-

ту чабуу үчүн колдонулуучу тордомо калак.

**РАКМАТ** **ыракмат** менен бирдей.

**РАКОВИНА** 1. Үлүлдүн кабыгы. 2. Металлдын оюлган жериндеги боштук. 3. Жуун-гучтун суу куюлуучу идиши.

**РАКУРС** 1. *сүр.* Предметтин көнүмүш сөлөкөттөрүнүн алдыңкы чектен алыстыгына жараша өзгөртүүгө учуратпкан перспективдүү кыскартылышы. 2. Кино тартууда кинокameранын объективин ар кандай кылып, мисалы, эңкейиштеп тартуу. 3. *өт.* Көз караштын ар түрдүү өңүтү.

**РАКЫМ** **ырайым** менен бирдей.

**РАМ** *к.* **ырам.**

**РАМА** 1. Эшик же терезеге коюлуучу төрт бурчтуу, тегерек же башка формада жасалган алкак. 2. Айнектүү терезе. 3. Бир нерсенин, мисалы, сүрөттүн, айланасына жасалган жээк.

**РАМАЗАН** **ырамазан** менен бирдей.

**РАМАТ** *тар.* Революцияга чейинки алыксалыктын бир түрү. *Раматка саттырып, ыстарчын алды тайыңды* (Тоголок Молдо).

**РАМАТЫЛЫК** **ыраматылык** менен бирдей.

**РАМКА** Кичирээк рама. *Куп мырзам, Славамдын бар сүрөтү, Бөлмөдө, рамка ичинде, тигил четки* (Осмонов).

**РАНГ** Разряд, даража, наам, чин.

**РАНДЕВУ** Жолугушуу тууралуу атайы, күн мурун макулдашуу, болжошуу.

**РАҢ** *тууралы:* **ыраң.**

**РАПИС** 1. Болот. 2. Көк темир. 3. Ок өтпөс. *Ак сүйүүдө аскар тоодон көк рапис зоо тосуп да токтото алгыс көчкү жүргөн учурлар болот, андайга сөз айтылбайт* (Айтматов).

**РАПОРТ** 1. Кенже аскер кызматкеринин наамы жагынан өзүнөн жогорку башкаруучуга билдирүүчү кабары, кызматы боюнча билдирилүүчү кабар. 2. Моюнга алынган милдеттенменин, тапшырманын аткарылышы жөнүндө билдирген оозеки же жазуу жүзүндөгү билдирүү.

**РАПСОД** *адаб.* Байыркы Грециядагы, Эл чогулган жайларда эпикалык чыгармаларды айткан, лиранын коштоосунда ырдаган ырчы, аткаруучу.

**РАПСОДИЯ** Элдик ырлардын, баяндамалардын негизинде түзүлгөн музыкалык чыгарма. Кээде баллада сымал эпикалык түзүлүштөгү пьеса.

**РАПТА** Дандырга нан жапканда чыканакка чейин кийилүүчү калың чүпүрөк, кол кап.

**РАРИТЕТ** Сейрек табылуучу асыл буюм.

**РАС** *тууралы:* **ырас.**

**РАСА** Келип чыгышы жагынан бирдейлигине, өңүнө, башынын формасына, чачынын түсүнө, кебетесине ж.б. белгилерине карай бөлүнгөн адамдардын тарыхый жактан түзүлгөн тобу.

**РАСАЛЫК** Расага таандык. *Расалык жек көрүү. Расалык эзүү.*

**РАСИЗМ** Үстөмдүк кылуучу «жогорку» раса жана баш ийип жүрүүчү «төмөнкү» раса болот имиш дегенге негизделген реакциячыл саясат.

**РАСИМ** 1. **ырасми** менен бирдей. *Эзелден кыргыз элиңдин Расими ушундай* («Олжобай менен Кишимжан»). – *Омор өкүнүп сүйлөдү. – Бул орустун же кыргыздын расиминде жок, тек бейбаштык кеп* (Сыдыкбеков). *Тууган, сөөк колдон буттан көтөрүшүп, Өтөлдү бардык расмы, кезиндеги* (Урманбетов). 2. *диал.* Сүрөт, элес, кооздук. *Расим салышка уста элем.*

**РАСИСТ** Расизмди жактоочу.

**РАСМИ** Салт, када. *Элимдин расмисин кылууга уруксат этиңиздер* («Ала-Тоо»). *Биздин расмини унуттуңбу Метрей* (Сыдыкбеков).

**РАСПАА** *диал.* Шерменде, маскара. *Анын ичкен-жегени ачылып, эл алдында распаа болду.*

**РАСПААСЫ ЧЫГУУ** Уят болуу, маскарасы чыгуу, абийири төгүлүү. *Жалпы чогулушта жалган сводкасынын распаасын чыгардым* («Чалкан»).

**РАСПИСАНИЕ** Иштин, окуунун ж.б. иштелүү убагы, орду, тартиби көрсөтүлгөн таблица, жүгүртмө. *Сабактардын расписаниеси. Поезддердин расписаниеси.*

**РАСУЛ** Аллахтын элге жиберген элчиси, пайгамбары. *Ак Расул Аллахтын атынан* (Сыдыкбеков). *Пайгамбар расул – деди* («Манас»С.О.).

**РАСУЛУЛЛО** **расул** менен бирдей.

**РАТИФИКАЦИЯ** Макулдашуу түзүүчү мамлекеттердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн эл аралык келишимдин же макулдашуунун жогорку мамлекеттик бийлик тарабынан бекитилиши.

**РАТИФИКАЦИЯЛА** Ратификациядан өткөрүү.

**РАТИФИКАЦИЯЛОО** **ратификацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РАУНД** *спорт.* Бокста бир жолу кармашуунун (адатта 3 минута) мөөнөтү.

**РАФИНАД** Тазартылган чакмак кант.

**РАХАТ** **ыракат** менен бирдей.

**РАХБАР** *эск.* Жетекчи, баштоочу, жол башчы (1920-жылдардагы термин).

**РАХМАТ** **ыракмат** менен бирдей.

**РАХМАТИ** *к.* **ыракмати.** – *Энди, таксыр Ибрагимбек, кудайым рахмати кылсын, биздин атабыз* (Касымбеков).

**РАЦИОН** Белгилүү убакытка берилүүчү азыктын, жем-чөптүн өлчөмү, ченеми. *Өзгөчө рацион түзүүдө Кумуштун билгичтиги, Кулжанды таң калтырды* (Байтемиров).

**РАЦИОНАЛДУУ** Акыл-эстүүлүккө, максатка негизделген, акылга сыйымдуу. *Малды жүгөрү силосу жана кант кызылча-*

*сы менен багып, алда канча рационалдуу өстүрүүгө болот.* 2. *мат.* Бирдик менен же бирдиктин бир бөлүгү менен өлчөмдөш, салыштырарлык. *Рационалдуу бөлчөк. Рационалдуу сан.*

**РАЦИОНАЛДУУЛУК** Негиздүүлүк, акыл-эске негизделгендик, максатка ылайыктуулук. *Чарбанын рационалдуулугу.*

**РАЦИОНАЛИЗАТОР** Өндүрүштү, өндүрүш процесстерин рационализация кылуучу адам.

**РАЦИОНАЛИЗАТОРДУК** Рационализаторго, рационализацияга таандык. *Көп жумушчулар жана айыл чарбасынын адистери рационализатордук баалуу сунуштарды кийрип жатышат. [Мекел] рационализатордук сунуштарды кийирип, эски машиналарды оңдоду* (Сасыкбаев).

**РАЦИОНАЛИЗАЦИЯ** Кандайдыр бир ишти, өндүрүш процессин жакшыртып, өркүндөтүү, мыкты уюштуруучулук. *Өндүрүштү рационализация кылуу.*

**РАЦИОНАЛИЗМ** 1. Дүйнөдө болгон бардык нерсени билүүгө, таанууга болот деп билген философиялык ишеним, адамдын акылынын чексиз күчүнө ишенгендик. 2. Турмушка акыл-эстүүлүк менен кароочулук, башкалар менен болгон мамилесиндеги акыл-эстүүлүк.

**РАЦИЯ** Бир жерден экинчи жерге алып жүрүүчү чакан жана орто кубаттуулуктагы радиостанция.

**РЕАБИЛИТАЦИЯ** 1. Негизсиз же жалган жерден жаманатты боло электен мурунку кадыр-баркынын, беделдин калыбына келтирилиши, актыкка чыгарылышы. 2. Соттун чечими же административдик жол менен мурунку укугун калыптандыруу.

**РЕАКТИВ** *хим.* Башка бир затка кошкондо белгилүү бир химиялык реакция туудуруучу жана ошону менен бирге бул курамдан издеп жаткан затты табууга мүмкүнчүлүк берүүчү зат.

**РЕАКТИВДҮҮ** 1. Химиялык анализде реактив болуп кызмат кылуучу. *Реактивдүү заттар.* 2. *тех.* Күч менен атырылып чыккан газдын жардамы аркылуу кыймылга келүүчү. *Реактивдүү самолёт. Реактивдүү кыймылдаткыч.*

**РЕАКЦИОНЕР** Прогресске каршы, эскини жактоочу, маданий прогресстин душманы.

**РЕАКЦИЯ I** 1. *хим.* Заттардын бири-бирине таасир кылышы. *Химиялык реакциялар.* 2. Организмдин тышкы же ички таасирге жообу. *Организмдин суукка реакциясы.*

**РЕАКЦИЯ II** *саяс.* Жок болуп бара жаткан же жеңилген тараптардын ар кандай прогресске саясий жана экономикалык жактан каршылык көрсөтүшү.

**РЕАКЦИЯЧЫЛ** Эскичил, прогрессивдүүлүккө каршы, саясий реакциянын максатын көздөгөн.

**РЕАЛДУУ** Чыныгы, анык, иш жүзүнө ашырууга боло турган.

**РЕАЛИЗАЦИЯ** 1. Иш жүзүнө ашырылуу, аткарылуу. 2. Сатуу, сатылуу, таратуу, таралуу.

**РЕАЛИЗМ** 1. Кандайдыр бир ишти жүзөгө ашырууга анык, чыныгы шарттарды, мүмкүнчүлүктөрдү ачык түшүнүп жана эсепке ала билүүчүлүк. *Чарбаны пландаштыруудагы реализм.* 2. Адабияттагы жана искусстводогу чындыктын бардык белгилерин туура, терең, толук жана типтүү кылып көрсөтүү усулу жана да ушул усулду колдонуучу багыт. 3. *филос.* Нерседен мурда ал жөнүндөгү жалпы түшүнүк пайда болот жана ал нерселердин бар-жогуна карабастан турмушта реалдуу түрдө жашай берет деп эсептөөчү орто кылымдардагы диний-идеалисттик философиялык багыт.

**РЕАЛИСТ** 1. Өз ишинде реалдуу чындыктын шарттарын эске алып иштөөчү адам. 2. Адабият менен искусстводогу реализмдин жактоочусу. 3. Философиялык реализм көз карашын жактоочу.

**РЕАЛИСТТИК** 1. Реалдуу чындыктын шарттарын эсепке алуудан келип чыккан. *Турмушка реалисттик мамиле кылуу.* 2. Реализмге (2-маанисинде), реализм принциптерине негизделген. *Реалисттик чыгарма. Музыкадагы реалисттик багыт.*

**РЕАНИМАЦИЯ** Өтө оор абалда жаткан организмди жандандыруу, тирилтүү аракети.

**РЕБУС** Табылууга тийиш болгон сөздөр сүрөттөрдүн, тамгалардын же белгилердин жардамы аркылуу берилүүчү табышмак.

**РЕВАНШ** Согуштан же оюндан жеңилгенден кийин жеңүү үчүн кайта күрөшүү, кайта ойноо.

**РЕВАНШИЗМ** Согушта жеңилгендердин кек алууга умтулгандыгы, өчөшкөндүк, кекчилдик.

**РЕВАНШИСТ** Реваншизмди жактоочу.

**РЕВИЗИОНИСТ** Ревизионизмди жактоочу.

**РЕВИЗИЯ** 1. Кандайдыр бир мекеменин же кызмат адамынын ишинин тууралыгын жана мыйзамдуулугун билүү максатында жүргүзүлгөн текшерүү. 2. Кандайдыр бир окуунун же теориянын жоболорун бузуп же бурмалай турган өзгөртүү киргизүү максатында ал жоболорду кайра карап чыгуу.

**РЕВИЗИЯЛА** 1. Ревизия жүргүзүү, текшерүү жүргүзүү. *Кассаны ревизиялап бутуу.* 2. Ревизия жүргүзүү, ревизияга кириптер кылуу (2-маанисинде).

**РЕВИЗИЯЛОО** **ревизияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕВИЗОР** 1. Текшерүүчү, ревизия жүргүзүүчү кызматкер (1-маанисинде). 2. *т. ж.*

Темир жолдун иштерине көзөмөлдүк кылуучу кызматкер.

**РЕВКОМ** *тар.* Революциялык комитет. Граждандык согуштун убагындагы (1917–1920-жж.) өзгөчө кырдаалдык орган.

**РЕВМАТИЗМ** Кызыл жүгүрүк оорусу.

**РЕВОЛЮЦИОНЕР** 1. Революциялык кыймылдын катышуучусу, революция ишмери. 2. *өт.* Илимдин, техниканын, искусствонун ж. б. кандайдыр бир тармагынан зор өзгөрүш жасаган киши.

**РЕВОЛЮЦИЯ** 1. Карама-каршылыктарга кептелген коомдук-саясий мамилелерди түп-тамырынан бери өзгөртүп жана мамлекеттик бийликти орнотуу үчүн жасалган коомдук саясий төңкөрүш. 2. *өт.* Түп-тамырынан бери өзгөрүш. *Маданий революция. Техникадагы революция.*

**РЕВОЛЮЦИЯЛАШ** Революция идеясына тартылуу, революциячыл болуу.

**РЕВОЛЮЦИЯЛАШТЫР** Революция идеясын таратуу, революция идеясына тартуу, революциячыл идея берүү. *Массаны революциялаштыруу.* 2. *өт.* Түп-тамырынан бери өзгөртүү, такыр өзгөртүү. *Техниканы революция- лаштыруу.*

**РЕВОЛЮЦИЯЛАШТЫРУУ** **революциялаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕВОЛЮЦИЯЛАШУУ** **революциялаш** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕВОЛЮЦИЯЛЫК** **революцияга** таандык. *Революциялык кыймыл.*

**РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ** 1. **революциялык** менен бирдей. 2. Революцияны жактаган, революциялык идеясы бар. *Революциячыл тап.*

**РЕГАЛИЯ** 1. *тар.* Монархиялык бийликтин белгисин көрсөтүүчү белгилүү бир буюм, мисалы, тажы. 2. *юр.* Мамлекеттин бир нерсе иштеп чыгууга же белгилүү киреше алууга монополиялык укугу. 3. Орден же башка сыйлык белгиси.

**РЕГИОНАЛДЫК** Борбордун жана элеттин мамилелеринин саясаты. Жакын жайгашкан мамлекеттердин экономикалык, саясий, согуш мамилелери менен бири-бирине байланыштуу болуусу.

**РЕГИСТР** 1. Бир нерсенин тизмеси, көрсөткүчү, бир нерселер жазыла турган журнал. 2. *муз.* Үндүн, музыкалык аспаптын добушунун бийиктигинин жана күчүнүн даражасы. 3. *муз.* Үндүн бийиктигин, күчүн өлчөө үчүн музыкалык аспапка орнотулган жабдык. 4. *тех.* Ар түрдүү машиналардагы жана жабдыктардагы жөнгө салуучу бөлүгү. Баса турган машинканын тамгаларынын жана клавиштеринин катары.

**РЕГИСТРАТОР** 1. Мекемеде, ооруканада ж. б. каттоо иштерин жүргүзүп туруучу кызматкер. 2. Автоматтык түрдө өзү жазып туруучу жабдык.

**РЕГЛАМЕНТ** 1. Ар кандай ишмердикти жөнгө салуу тартиби. 2. Жыйналыштарда сүйлөө үчүн белгиленген убакыт. *Регламент белгилөө.*

**РЕГРЕСС** Өнүгүүнүн жогорку формаларынан төмөнкүсүнө өтүү, артка карай кыймылдоо, жакшы абалдан жаманга өзгөрүү.

**РЕГРЕССИЯ** 1. Артка чегинүү, артка кетүү, мурунку абалына келүү. 2. Стилистикада айрым сөздөрдү бир контекстте карама-каршы мааниде колдонуу ыкмасы.

**РЕГУЛЯТОР** Механизмдин бир кылка иштешин, ылдамдыктын, жылуулуктун ж.б. белгилүү бир өлчөмдө болушун автоматтык түрдө жөнгө салып туруучу жабдык.

**РЕДАКТИРЛЕ** **редакцияла** менен бирдей.

**РЕДАКТОР** *адаб.* Оңдоочу, жөнгө салуучу, редакцияда авторлор менен бирге иштешип, текстти жалпы нормаларга, эрежелерге ылайыктап, окурмандарга ылайыкташтырып (бирок автордун жекече жүзүн бузбай), иштеп чыгуучу адис.

**РЕДАКТОРДУК** Редакторго таандык, редактордун милдети, кызматы ж.б.

**РЕДАКЦИЯ** 1. Редакторлоо, редакторлоо ишиндеги жетекчилик. *Профессордун редакциясы астында чыккан окуу китеби.* 2. Кандайдыр бир адабий, музыкалык ж.б. чыгарманын варианты. *Повесттин жаңы редакциясы.* 3. Редакциялоо иши, редакторлордун тобу, газета-журналдардын ж.б. чыгаруучу кызматкерлердин коллективи. 4. Редакциялык кызматчылардын иштей турган үйү.

**РЕДАКЦИЯЛА** Кандайдыр бир текстти текшерип, ондоп, басма сөз үчүн, жарыя кылуу үчүн биротоло иштеп чыгуу.

**РЕДАКЦИЯЛОО** **редакцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕДАКЦИЯЛЫК** **редакцияга** таандык; редакция (3-маанисинде) тарабынан жазылган. *Редакциялык коллегия. Редакциялык оңдоолор. Редакциялык макала.*

**РЕДЕМАРКАЦИЯ** Мамлекеттик чек аралардын жана жок болуп кеткен же бузулуп калган чек ара белгилерин кайра калыбына келтирүү.

**РЕДИСКА** Чамгырдын бир түрү.

**РЕДИФ** *адаб.* Учкашкан, артында отурган деген мааниде ыр сабындагы уйкаштыктан кийин келүүчү сөздөр жана сөз айкаштары. Араб тилинен которгондо «артынан келүүчү» деген маанини билдирет. Редиф – көбүнчө уйкашкан сөздөн кийин бир сөздүн кайталанышы, ал көбүнчө араб-фарсы жана жалпы эле Чыгыш поэзиясына мүнөздүү. *Кун берген атам куурасын, досум, Кун алган атаң жыргасын, досум. Кулмырза өлүп куп болду, досум, Аксаткын экөө жуп болду, досум.* («Эл адабияты»).

**РЕДКОЛЛЕГИЯ** Редакциялык коллегия (газета, журнал ж.б. чыгаруу иштерин жүргүзүүчү кызматкерлердин коллективи). *Журналдын редколлегиясы. Дубал газетанын редколлегиясы.*

**РЕДУКТОР** 1. Айланууну жөнгө салуучу тишчелүү дөңгөлөкчөлөрү бар механизм. 2. Газ баллондон кобур аркылуу куйуучу жерге кетүүчү газдын басымын жөнгө салуучу прибор.

**РЕДУКЦИЯ** Басым түшүү жөндөмдүүлүгүнө ээ тыбыштардын басым түшпөгөн муунда айтылышынын басандап, угулуш сапатынын өзгөрүшү, түшүп калуу абалына чейин жетиши.

**РЕЕСТР** Жазуу жүзүндөгү тизме, каттоо. Иш документ, мүлк ж.б. каттала турган китеп.

**РЕЖИМ** 1. Мамлекеттик түзүлүш, башкаруу түрү. *Падышалык режим. Эски режим. Демократиялык режим.* 2. Турмуштун, эмгектин, эс алуунун жана ушул сыяктуулардын так белгиленген тартиби. 3. Иш аракеттин кандайдыр бир түрү үчүн орнотулган зарыл принциптер же эрежелердин системасы.

**РЕЖИССЁР** Киного тартылуучу же театрга коюлуучу оюндун уюштуруучусу, көркөмдүк жетекчиси.

**РЕЖИССУРА** 1. Режиссёрдун ишмердиги, кесиби. 2. Режиссёрдук кызмат аткаруучу бир топ киши. 3. Спектаклдин, фильмдин режиссёрдук жасалгасы, коюлушу.

**РЕЗЕРВ** 1. Кереги тийгенде пайдалануу үчүн даяр турган запас, булак. *Экономикалык резервдер.* 2. *сог.* Керек болгон кезде пайдалануу үчүн командирдин карамагына калтырылган согуштук бөлүк, күч. 3. *сог.* Керек болгон учурда армияга чакырыла турган, аскер кызматын өтөгөн, аскерге милдеттүүлөрдүн курамы.

**РЕЗЕРВАЦИЯ** 1. Запаска, резерге сактоо. 2. АКШда жана кээ бир капиталисттик өлкөлөрдө түпкү калкты күч менен отурукташтыруу үчүн бөлүнгөн аймак.

**РЕЗЕРВУАР** Суюктук куюла турган же газ толтурула турган жай же идиш.

**РЕЗИДЕНТ** 1. Мамлекеттин протекторат өлкөлөрүндөгү колониялдык администрациянын башкаруучусу. 2. Чет элдик чалгындын башка мамлекеттин бир районундагы шпиондук тармагын башкарган жашыруун агенти. 3. Бир өлкөнүн өкүлү катары экинчи өлкөдө турган адам.

**РЕЗИДЕНЦИЯ** Мамлекет, өкмөт башчысы, ошондой эле ири мамлекеттик, административдик кызматтарды ээлеген адамдардын турган жери.

**РЕЗИНА** Каучуктан жасалган жумшак, созулуп кайра калыбына келип туруучу зат.

**РЕЗИНКА** 1. Жазылган жазууну өчүрүү үчүн колдонулуучу кичинекей резина өчүргүч. 2. Резина боо же резина жип аралаштырып жасалган тасма.

**РЕЗОЛЮЦИЯ** 1. Жыйналышта, отурумда ж.б. талкуулоодон кийин кандайдыр бир маселе жөнүндө кабыл алынган чечим. *Доклад боюнча кабыл алынган резолюция.* 2. Кызмат кагазына жазылган пикир, буйрук. *Резолюция салуу.*

**РЕЗОНАНС** 1. Тыбыштын жаңырып угулушу. 2. *тех.* Бир нерсенин чайпалуу, термелүүсү экинчи нерсеге өтүүсүнөн пайда болгон ыргак, доош. 3. *өт.* Жаңырык, жаңырып кайталануу, таасир. *Тоо жылы деп жарыяланган сунуштар бүткүл дүйнөдө чоң резонанска жетишти.*

**РЕЗУС-ФАКТОР** Кандагы антигендердин бир түрү.

**РЕЗЮМЕ** 1. Айтылгандын, жазылгандын кыскача жыйынтыгы. 2. Кандайдыр бир иштин, кызматтын, конкурстун талапкеринин ишмердик сапаттарына басым жасалган кыскача өмүр баяны.

**РЕЙД I** Портко кире бериште кемелер токтоочу жай.

**РЕЙД II** 1. Аттуу аскерлердин же башка бөлүктөрдүн душмандын тылына кирип барышы. 2. *өт.* Күтүүсүздөн жүргүзүлүүчү коомдук текшерүү.

**РЕЙКА** 1. Жука, ичке тактайча. 2. *геод.* Нивелировка жүргүзүүдө бийиктикти белгилөө үчүн бөлүктөрү бар жука узун тактайча.

**РЕЙС** Белгилүү маршрут боюнча кеме, самолёт, автобустар ж.б. жүрө турган жол.

**РЕЙТИНГ** 1. *экон.* Класска, разрядка же категорияга ажыратуу, баа. 2. *саяс.* Кайсы бир адамдын, уюмдун, топтун, белгилүү убактагы алардын ишмердүүлүгүн, программасын, пландарын, саясатын баалоонун жекече сандык көрсөткүчү.

**РЕЙТИНГ-ЛИСТ** Шахматисттердин көрсөткүчүнүн тизмеси.

**РЕКВИЕМ** 1. Католиктердин өлгөндөр үчүн окула турган жаназасы. 2. Аза күтүү, азалуу мүнөздөгү кайгылуу музыкалык чыгарма.

**РЕКВИЗИТТЕР** 1. *театр.* Театрда оюн коюу үчүн колдонула турган үй буюмдары. 2. *экон.* Документтердеги милдеттүү түрдө болуучу маалыматтардын жыйындысы.

**РЕКВИЗИЦИЯ** Жекече мүлктү мажбурлап мамлекеттин менчигине же убактылуу пайдаланууга алуу.

**РЕКЛАМА** *к.* **жарнама.**

**РЕКОМЕНДАЦИЯ** Жазуу түрүндө же оозеки, кандайдыр бир кызматка кирүү же уюмга өтүүгө сунуш кылуу максатында көбүнчө мактап берилген баа, мүнөздөмө. *Партиянын катарына өтүү үчүн рекомендация берүү. Кызматка коюуга рекомендация кылуу.*

**РЕКОНСТРУКЦИЯ** Бир нерсени өркүндөтүү, жакшыртуу максатында түбүнөн тарта кайра куруу, кайра жабдуу, жаңы техникалык каражаттар менен технологиялык процесстерди киргизүү.

**РЕКОНСТРУКЦИЯЛА** Реконструкция кылуу, реконструкция жүргүзүү.

**РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО** **реконструкцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕКОРД** 1. Спорттук мелдештердеги эң жогорку жетишкендиктин эң жогорку көрсөткүчү. *Дүйнөлүк рекорд. Рекорд коюу* 2. Эмгектин, чарбалык иштердин ж.б. эң жогорку көрсөткүчү. *Болот эритуунун рекорду.*

**РЕКОРДДУК** Рекорд болуп эсептелген, эң жогорку. *Рекорддук көрсөткүч. Рекорддук түшүм.*

**РЕКОРДСМЕН** Рекорд койгон спортсмен.

**РЕКТОР** Жогорку окуу жайынын жетекчиси. *Университеттин ректору.*

**РЕКТОРАТ** Жогорку окуу жайларынын башкаруу органы.

**РЕЛЕ** Электр тутумун (чынжырын) бириктирип же ажыратып туруучу белгилүү кубулуштарга жооп кайтарууга арналган автоматтык жабдык.

**РЕЛИКВИЯ** Өткөндүн эстелиги катары ыйык сакталган буюм зат.

**РЕЛЬС** Үстүнөн поезддин, трамвайдын ж.б. дөңгөлөктөрү айланып жүрүүчү чоюн же болот темир.

**РЕЛЬЕФ** 1. Жердин үстүнкү катмары. 2. Түз бетке түшүрүлгөн дөмпөк сүрөттөр.

**РЕМАРКА** 1. Китептин четине жазылган эскертүүлөр, белгилер. 2. *адаб.* Драмалык чыгармаларда аракеттин жагдайы, каармандардын мүнөзү, алардын жүрүш-турушу, чыгыш-кириштери, психологиялык абалы ж.б. автор тарабынан жазылган тексттер; пьесанын сүйлөнбөй турган тексттери.

**РЕМЕЙК** Мурда тартылган кинонун, мурда жазылган чыгарманын жаңы версиясы, жаңыртып тартуу, жазуу.

**РЕМОНТ** Эскирген, жыртылган же бузулган нерсени оңдоо, түзөө, түзөтүү иши.

**РЕМОНТТО** Ремонт кылуу, ремонт жүргүзүү, оңдоо, түзөтүү. *Азыр соко, мала, кетмен, күрөк сыяктуу шаймандарды ремонттоп жаткан кези* (Бейшеналиев). *Айсулуу майда-чүйдөлөрүн өзү эле ремонттоп ала коёт* (Баялинов).

**РЕМОНТТОЛ** **ремонтто** этишинин туюк мамилеси.

**РЕМОНТТОО** **ремонтто** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕМОНТТОТ** **ремонтто** этишинин аркылуу мамилеси.

**РЕМОНТТОШ** **ремонтто** этишинин кош мамилеси.

**РЕНЕГАТ** *саяс.* Өзүнүн бекем ишенимдерин өзгөрткөн жана каршылашынын лагерине өтүп кеткен адам, чыккынчы.

**РЕНЕССАНС** *тар.* 1. Кайра жаралуу, XV–XVI кылымдарда Батыш Европада илим жана искусствонун кайра гүлдөп, турмуштук, реалисттик (диний-мистикалуулуктан айырмалуу) принциптердин өркүндөй баштаган заманы. 2. Ушул заманда формага келтирилген архитектура стили.

**РЕНТА** 1. Капиталдан, мүлктөн же жерден түшүүчү киреше. *Абсолюттук рента.* 2. Жер ээлери алуучу кошумча нарктын бир бөлүгү. *Дифференциалдуу рента.*

**РЕНТАБЕЛДҮҮ** Жасалган эмгек, сарпталган материалдар менен каражаттардын пайда менен акталышы, пайдалуу кирешелүүлүгү.

**РЕНТАБЕЛДҮҮЛҮК** Өндүрүмдүүлүк, кирешелүүлүк, пайдалуулук. *Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү.*

**РЕНТГЕН** Электромагниттик толкундарына кирүүчү, көзгө көрүнбөгөн шоолалар жана ошол шоолалар менен жарыктандыруу. 2. Жогоркудай шоолалар менен жарыктандыруучу аппарат.

**РЕНТГЕНОГРАФИЯ** Рентген нурларынын жардамы менен изилденип жаткан органдардын сөлөкөтүн пленкага түшүрүү.

**РЕНТГЕНОЛОГИЯ** Рентген нурларын диагностикалык дарылык максатта колдонуу жөнүндө илим.

**РЕНТГЕНОСКОПИЯ** Рентген аппараты аркылуу кароо.

**РЕП** 1. Ритмикалуу музыка коштолгон речитативдүү ыр. 2. Ошондой музыка коштолгон бий.

**РЕПАРАЦИЯ** Согуштан тартылган зыяндарды бүт толугун же бөлүгүн жеңилген өлкө жеңген өлкөгө төлөө.

**РЕПЕРТУАР** 1. Театрда коюлуучу, эстрадада, концерттик залдарда аткарылуучу пьесалардын, музыкалык жана башка чыгармалардын жыйындысы. 2. Бирөө тарабынан аткарылуучу ролдордун, музыкалык чыгармалардын жыйындысы.

**РЕПЕТИТОР** *пед.* Сабак даярдоодо окуучуга жардам берүүчү адис, үй мугалими.

**РЕПЕТИЦИЯ** Оюн коюу, концерт берүү ж.б. үчүн алдын ала жүргүзүлгөн даярдык.

**РЕПЛИКА** 1. Бирөө сүйлөп жаткан кезде, ага каяша кылып же жооп иретинде айтылган кыска сөз, кеп. 2. *театр.* Экинчи актёрдун айтаар сөзүнөн мурун айтылган биринчи актёрдун соңку сөздөрү. 3. *муз.* Музыкалык фразанын башка үн, башка тон менен кайталанышы.

**РЕПОРТ** *экон.* Баалуу кагаздарды сатуу, бир эле убакта аларды кайра жогорураак курс менен сатып алуу милдеттенмесин алып банк менен бүтүм кылуу, соодалашуу.

**РЕПОРТАЖ** Басма сөз жана теле-радио үчүн күндөлүк жана жергиликтүү окуялар боюнча түзүлгөн кабарлар.

**РЕПОРТЕР** Газеталардын, журналдардын редакциясынын, радионун, кинонун, теле көрсөтүүнүн окуялардын болгон жеринде маалыматтык материалдарды жыйноочу кызматкери.

**РЕПРЕССИЯ** 1. Кысымга алуу, жаза берүү.

2. Мамлекеттик органдар тарабынан колдонулуучу жазалоо чаралары, куугунтук.

**РЕПРЕССИЯЛА** Репрессияга алуу, куугунтукка, кысымга алуу.

**РЕПРЕССИЯЛОО** **репрессияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕПРОДУКТОР** Радио аркылуу берүүлөрдү күчөтүп, добушту катуулатып берүүчү түзүлүш.

**РЕПРОДУКЦИЯ** 1. Бир нерсенин сүрөтүн фотографиялык клише же полиграфиялык каражаттар аркылуу дал өзүндөй кылып түшүрүү, көчүрүү, көбөйтүү. 2. Типографиялык боёк менен кагазга басып чыгарылган сүрөт, картина.

**РЕПС** Бетинде бир аз быдыры бар кездеме.

**РЕПУТАЦИЯ** Аброй, бедел, абийир, бирөөнүн жакшы жактары жана кемчиликтери жөнүндө түзүлгөн жалпы пикир.

**РЕСПИРАЦИЯ** Дем алуу. Дем алуудан организм кычкылтектени (кислородду) өзүнө алып, көмүр кычкыл газын бөлүп чыгаруу процесси.

**РЕСПОНДЕНТ** Социологиялык иликтөөчү же маалымат кызматынын суроолоруна жооп берүүчү.

**РЕСПУБЛИКА** Жогорку бийлик органдары белгилүү бир мөөнөткө шайлануучу мамлекеттик түзүлүштүн формасы жана башкаруунун ушундай формасы бар өлкө, мамлекет.

**РЕСПУБЛИКАЛЫК** **республикага** таандык.

**РЕССОРА** Солкулдоону азайтуу, жеңилдетүү үчүн вагондун, машинанын ж.б. кузовунун астына атайын коюлган солкулдак серпилүүчү темир.

**РЕСТАВРАЦИЯ** 1. Бир нерсенин (искусство чыгармаларын, имараттарды ж.б.у.с. адегендеги түрүнө, калыбына келтирүү иши.

**РЕСТАВРАЦИЯЛА** Реставрация иштерин жүргүзүү, реставрация жүргүзүү.

**РЕСТИТУЦИЯ** 1. *биол.* Жабырланган дене мүчөсүнүн калыбына келтирилиши. 2. *юр.* Мурдагы укуктарын калыбына келтирүү. 3. *юр.* Эл аралык укукта: согуш учурунда бир мамлекет тарабынан мыйзамсыз тартылып алган нерсенин экинчи мамлекетке кайтарылышы.

**РЕСТОРАН** Тамак-аш жана ичкилик ичип, бийлеп, эс алып отурууга бардык шарты бар жакшы жасалгаланган ашкана түрү.

**РЕСУРС** Кандайдыр бир нерсенин запасы, каражат булагы.

**РЕТРО** *иск.* Өткөнгө серп салуу, өткөн жакка кайрылуу.

**РЕТРОСПЕКТИВДҮҮ** Өткөнгө серп салган.

**РЕТРОСПЕКЦИЯ** Өткөнгө кайрылуу, өткөн окуяларды карап чыгуу. *Ретроспективдик көз караш.*

**РЕТУШЬ** *сүр.* Фотографиялык негативдерди жана сүрөттөрдөгү кемчиликтерди түздөө, оңдоо иши.

**РЕФЕРАТ** 1. Белгилүү темада зарыл болгон маалыматтык булактарга обзор берүү менен жазылган баяндама. 2. Китептин, илимий макалалардын ж.б. мазмунунун кыскача баяндамасы.

**РЕФЕРЕНДУМ** Эң маанилүү мамлекеттик маселелер боюнча жалпы элдин добуш бериши, калктын кароосуна коюлган суроо.

**РЕФЕРЕНТ** 1. Белгилүү бир маселе боюнча кеңеш, түшүнүк берип туруучу кызматкер. 2. Берилген тема боюнча доклад жасай турган адам.

**РЕФЛЕКС** Борбордук нерв системасынын жогорку бөлүмдөрүнүн катышуусу менен жандуу организмдин тышкы таасирге жооп катарында кайтарган реакциясы.

**РЕФЛЕКСИЯ** Ой жүгүртүү. Өз башынан өткөргөндөрдү анализ кылууга шыктуулук.

**РЕФЛЕКТОР** 1. Чагылдыргыч, кабырыңкы күзгүлөр менен жабдылган телескоп. 2. Жарыкты каалаган жакка чагылдыруучу нерсе.

**РЕФОРМА** Өзгөртүү, жакшылоо максаты менен кайра куруу. *Акча реформасы.*

**РЕФОРМАЛА** Реформа кылуу, реформа жолу менен өзгөртүү, реформа жүргүзүү.

**РЕФОРМАЛОО** **реформала** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕФОРМАЧЫ** Реформа жүргүзүүчү, реформаны жактоочу.

**РЕФРЕН** *адаб.* Белгилүү тартипте кайталануучу ыр же строфа, ырдын кайырмасы.

**РЕЦЕНЗЕНТ** Рецензия жазган киши.

**РЕЦЕНЗИЯ** Илимий, көркөм чыгармаларга, спектакль, кинофильмдерге ж.б. жазуу жүзүндө берилген талдоо, сын баа.

**РЕЦЕНЗИЯЛА** Рецензия кылуу, рецензия жазуу.

**РЕЦЕНЗИЯЛОО** **рецензияла** этишинин кыймыл атоочу.

**РЕЦЕПТ** 1. Керек болуучу дарыны алуу үчүн дарыгердин жазып берген кагазы. *Рецепт боюнча дары алуу.* 2. Бир нерсени жасоо, даярдоо жолу, ыгы.

**РЕЦИДИВ** Белгилүү бир кубулуштун кайталанышы.

**РЕЦИДИВИСТ** Бир нече жолу кылмыш жасаган адам.

**РЕЧЬ** Айтылган кеп, сүйлөө тили, эл алдында сүйлөнгөн сөз, оозеки же жазуу жүзүндө берилген сөз. *Оозеки речь. Речь тизмеги.*

**РИВАЯТ** *к.* **рабаят.** *Шарияттан жол таап берген шум казий эми бул иш шариятка түз деп, кашкайып туруп, бир риваят окуду* (Касымбеков).

**РИКША** Киши же жүк ташуучу эки

дөңгөлөктүү араба, кире. *Мурункудай баса албай калдык. А рикша жалдаш экөөбүздүн колдон келбейт эмеспи.* (Жантөшев). *Кош дөңгөлөктүү адам ташыган арабаны адам сүйрөйт. Ыраакы чыгышта рикшаны япондор биринчи ойлоп тапкан дешет. Араба тартат тикилдеген шор маңдай адам* (Жусупов).

**РИНГ** Бокс аянтчасы.

**РИНИТ** *мед.* Мурундун былжыр челинин сезгеничтүү дарты.

**РИНОГРАФИЯ** *мед.* Мурун аркылуу кирген-чыккан абанын желин кагаздын бетине чийин кылып түшүрүү.

**РИНОПЛАСТИКА** *мед.* Мурунду операциялык жол менен ондоо, түздөө.

**РИНОСКОПИЯ** *мед.* Мурун көңдөйлөрүнүн арткы жактарын шыкаалап көрүү методу.

**РИТМ** Кандайдыр бир элементтердин (үндүн, речтин ж.б.) белгилүү бир ырааттуулук, ылдамдык ж.б. менен алмашуусу, ыргак.

**РИТОРИКА** 1. Чечен сүйлөөнүн, чечендиктин теориясы. 2. *өт.* Сырткы гана коздукка ээ, мааниси анчалык болбогон сөз.

**РИТУАЛ** Диний ырым-жырымдар.

**РИФМА** Уйкаштык, ыр уйкаштыгы. *Бирдей рифмадагы ырлар.*

**РОБОТ** Сырт көрүнүшү адам түспөлдүү адам жасаган иштерди аткарган автомат.

**РОГАТКА**. Ача жыгачка резинка байлап, таш салып атуучу, балдар оюнчугу.

**РОЗА** Сабактары тикендүү, түрдүү түстөгү жыттуу гүлү бар, декоративдүү бадал өсүмдүк жана анын гүлү. *Роза гүлдөй боюу ыргалат. Радугадай жүзүң нурданат* (Белеков).

**РОЗЕТКА** *тех.* 1. Электр туташтыргычтын үстүнөн дубалга кадалуучу кичинекей шыпка. 2. Кооздук үчүн чапталуучу гүл, жалбырак сыяктуу нерсе.

**РОЗМАРИН** 1. Жалбырагынан же гүлүнөн жытуу май алынуучу, дайым көгөрүп туруучу түштүктө өсүүчү өсүмдүк, бадал. 2. Алманын бир сорту.

**РОК-АНСАМБЛЬ** Рок-музыка стилиндеги чыгармаларды ырдаган, ойногон ырчы, музыканттардын ансамбли.

**РОК-МУЗЫКА** Эстрадалык музыканын бир түрү. Ритмдин ролу, тембрдын эффектиси, вокалдын өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

**РОК-Н-РОЛ** Хореографиялык, акробатикалык элементтер катышкан, жандуу, жуп болуп бийленүүчү бий түрү.

**РОЛЬ** 1. Актёр тарабынан сахнада, кинофильмде ж.б. аткарылуучу образ. *Бул – оюн. Роль аткарып жатканыңды түшүн* (Бейшеналиев). 2. Пьесанын жүрүшүндө артисттин айтуучу сөздөрү. *Ролдор жазылган дептер. 3.* Кандайдыр бир иште, окуяда сиңирген эмгегинин, тийгизген таасиринин мааниси, алган орду.

**РОМ** Күчтүү алкоголдук ичимдик.

**РОМАН** *адаб.* Көбүнчө проза түрүндө баяндоо иретинде жазылган, татаал сюжеттүү, көлөмдүү чыгарма. *Тарыхый роман. Илимий-фантастикалык роман. Ч. Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романы.*

**РОМАНИСТИКА** Роман тилдери жана адабияты, роман элдеринин маданияты жана фольклорун окуткан филологиянын бир бөлүмү.

**РОМАНС** Лирикалык мүнөздөгү, обондуу чакан музыкалык чыгарма.

**РОМАНТИЗМ** 1. XIX кылымдын биринчи чейрегинде пайда болгон, биринчи планга адамдын керт башынын таламдары менен сезимин коюп жана өзүнүн чыгармачылык ишинде тарыхый жана элдик-поэтикалык темаларды пайдаланган, классицизмдин канондоруна каршы күрөш жүргүзгөн адабият менен искусстводогу агым. 2. Искусстводо турмуш чындыгын идеализациялап чагылдыруу ыкмасы, кыялкеч чыгармачылык.

**РОМАНТИКА** 1. Кыялга берилүүчүлүк, куру кыялга баткандык. 2. Бир нерсенин артыкчылыгын жогору көтөрүү, кадырлоо, ардактоо.

**РОМБ** *мат.* Бардык жактары бирдей, ал эми бурчтары болсо түз эмес параллелограмм.

**РОНДО I** *муз.* Негизги темасы кайра-кайра кайталанып туруучу музыкалык чыгарма.

**РОНДО II** Ырдын бир түрү 13 саптан жана 2 саптуу кайырмадан түзүлүүчү ыр түзүлүшү.

**РОТА** *сог.* Кадыресе батальондун курамына кирүүчү аскер бөлүгү. *Түштө рота катарга тизилди* (Абдукаримов). *Чолпонбай дивизиядагы бардык роталарда... ардактуу кызыл аскер болуп эсептелди* (Жантөшев).

**РОТАТОР** Трафареттүү печать аркылуу кол жазма, чертёж, сүрөттөрдү көбөйтүүчү аппарат.

**РОЯЛЬ** Клавишалуу музыкалык аспап. *Роялда ойноо.*

**РУБАИ** Көп муундуу келип, маани иретинде айтылган ыр түрлөрү. Рубаилер араб, парсы-тажик, түрк тилдеринде жазылып, философиялык, сүйүү, диний мазмунга ээ болгон. *Сөз кыйышкан жерде бир түрмөк рубаи айтты* (Касымбеков).

**РУБИН** Кызыл түстүү асыл таш.

**РУБЛЬ** Россия Федерациясынын акча бирдиги.

**РУБРИКА** Аңгеменин же бир нерсенин башы же бөлүгү.

**РУДА** Курамында металл же металл бирикмелери бар табигый минералдардын чогундусу.

**РУДИМЕНТ** Өсүп жетилбей калган абалдагы мүчө же анын бөлүгү.

**РУКСАТ** **уруксат** менен бирдей.

**РУЛЕТ** 1. Жанчылган эттин бетине ар кандай татымдар сыйпалып, оролуп бышырылган тамак түрү. 2. Кондитердик тамактардын бир түрү.

**РУЛЕТКА** 1. *тех.* Узундукту өлчөө үчүн колдонулуучу тасма. 2. Кумар оюнунун бир түрү. 3. *сүр.* Металлдагы терендетилген гравюра техникасында, айрыкча карандаш манерасы деп аталган техникада колдонулган аспап.

**РУЛЬ** 1. Автомобилдин, пароходдун, самолёттун ж. б. жүрүшүн, жүрүш багытын башкаруу үчүн жасалган тетик. *Шофёр рулду элпек тегеретип, машинаны эркин башкарат* («Ала-Тоо»). *Тракторист, рулду бек кармагын, Эрители асыл жердин каймагын* (Акаев). 2. *өт.* Башкаруучу борбор, орган.

**РУН ЖАЗУУСУ** Ташка, металлга, жыгачка, сөөккө чегилип же чийилип жазылган байыркы (сырдуу) жазуу.

**РУПИЙ** Индиянын күмүш акчасы. *Шабдан сыпаа козголо, эки күмүш үрпияны келинге, тай туяк жамбыны кыздын жеңесине сунду* (Токтоналиев).

**РУХ** 1. Жан, тын. 2. Адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, психикалык жөндөмдүүлүгү, таандык күч, табият. *Рух өмүрү – түбөлүктүү өмүр* (Акматалиев). *Тирүүлүктүн улуулугун көрсөтүп, Рух жарыгы зарыл таңдай атканга* (Акматалиев). 3. Материалдык, жаратылыштык башталмадан айырмаланган заттык эмес башталманы туюндурган философиялык түшүнүк. 4. Диний-мистикалык түшүндүрмөдө: табияттан тышкары турган күч; *Саманчынын жолу өңдүү созулуп, Рух дүйнөнүн асманында Алп жатат* (Акматалиев).

**РУХАНИЙ** Жан дүйнөгө тиешелүү. Адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү, психикалык жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу жаралган дүйнө. *Руханий дүйнө. Руханий байлык. Руханий маданият. Согуш жылдарын ойлонуп отуруп, биздин катардын руханий калыптанышы бүтүндөй алгачкы муундун, согушуп жүргөн фронтчулардын таасиринен келип чыкты деген ишенимге келем. Ал тууралу көп айтса болор эле* (Айтматов). *Айтматов башкы руханий генератор, руханий маяк болгону ырас* (Акматалиев). *Ойлочу, абдан карап болду ишибиз, Руханий идарада жок кишибиз* (Тагай, 1916-ж.). *Айтматов биз үчүн Руханий космос болчу, биз ал аркылуу Аалам менен байланышып, Аалам Айтматов аркылуу биз менен байланышып тураар эле* (Акматалиев).

**РУХИЙ** Жан, дүйнө, ички дүнүйө. *Адам өндүрүштө алдыда болуу менен бирге саясатта да, рухий турмушта алдыңкылардан болууга тийиш* (Абдыраманов).

**РҮКҮҮ** *дин.* Намазда: эки колу менен тизесин кармап, белине чейин түз бүгүлүү. Ошол кезде: «Субхана раббиял азиим!» деп үч мертебе айтат да, жыгылып сежде кылат. *Колун сууга салды эми, Кол даaратын алды эми. Төрт ирекет багымдат, Шашпай окуп алды эми* («Семетей»).

**РЫЦАРЬ** 1. Батыш Европада орто кылымдарда согуштук жер ээлөөчү катмарга кирүүчү феодал. 2. *өт.* Эр көкүрөк, бирөөнүн, бир нерсенин эр жүрөк коргоочусу.

**РЫЧАГ** Таяныч точкасын айланып жана аз күчтүн жардамы менен көп күчтү тендештире турган жасалга.

**РЭКЕТ** Зордук-зомбулуктун, коркутуунун жардамы менен опузалап акча алуучу.

**РЮКЗАК** Ийинге салып, аркага асынып жүрүүчү боолуу баштык, жонкап.

**РЮМКА** Ичкилик иче турган, кичинекей стакан, айнек идиш.

# С

**СAA** Малдан сүт алуу үчүн эмчегин тартуу. *Кой саа. Уй саа. Бээ саа.*

**СААБА** (туурусы Сахаба) 1. Мухаммед пайгамбардын черүүсү, жолун жолдоочусу. 2. Жолдош, жөкөр. *Саабалар жар болуп, Баккан Током келгенби?* (Токтогул). *Мойнуна бото салды пайгамбар, Кол жайып койдой чуулдап, саабалар* («Эл адабияты»). *Сааба чымчык мен болом, Саар туруп сайраган* (Эл ырлары).

**СААДАК** 1. Жебе (жаанын огу) салынуучу атайын кутуча, баштык. Кайыштан, же калың кийизден жасалат – ооз жагы кең, түбү кууш келген, ичи көңдөй, жалпак куту түрүндө. *Саадак менен бир бирин, Отуз-кырк атып коюшуп* («Манас»С.О.). *Саадагыңды асынып, кылычың бойго ил – деди. Элди кылдап тургузуп, Саадагын белге чалынды* («Эл адабияты»). *Саадакта огум түгөндү, Купсүрдө дарым кубулду* («Семетей»). 2. Жаа. *Саадак тартуу. Саадактын огу шаркылдап, Кылычтын баары жаркылдап* («Манас»).

**СААДАКЧЫ** Саадак тарткан, саадак менен куралданган жоокер.

**СААДАТ** 1. Бакыт, таалай, ырыс. 2. Кубаныч, жыргал. 3. Энчилүү ат.

**СААДЫР саа** этишинин аркылуу мамилеси.

**СААЛ I** 1. Кичине, бир аз, анча-мынча. *Күмүшай саал калтаарый түшүп, буйдалып калды* (Токомбаев). 2. Начар, жетишсиз, чамалуу. *Алы саал. Оокаты саал адам.*

**СААЛ II саа** этишинин туюк мамилеси.

**СААЛУУ** Саалган, саалып бүткөн.

**СААЛЫ** 1. Куранда аты эскерилген пайгамбарлардын бири (Салиха). 2. Зээндүүлүк, жөндөмдүүлүк. 3. Даам, даамдуу. *Онунчусу Саалыдыр* («Манас» С.О.).

**СААЛЫК** Жай, шашпай кыймылдоо.

**СААЛЫКТЫР** Кечиктирүү, күттүрүү.

**СААЛЫТ** Күттүрүү. *Пейли жаман адамдан аттык майын сурасаң «Эртең кел» деп саалытат.*

**САГАЛАТ сагала** этишинин аркылуу мамилеси.

**САГАЛДЫРЫК** Жүгөн, нокто түшүп калбас үчүн аттын алкымынан алып байлай турган кайыш боо.

**САГАЛОО сагала** этишинин кыймыл атоочу.

**САГАНА** 1. Бир тукумдун күмбөзү. *Сагана кылып койдуруп, Таманын терең ойдуруп, Казыга кепин бычтырып, Калың элди чакырып* («Курманбек»). 2. Курбу.

**САГАСА** Чекенде. *Сагаса кулун салдырган, Тартса кумар кандырган. Насыбайды алышып, Алаканга салышып* («Манас»).

**САГЫЗ** Карагайдын бооруна чыккан кургак чайыр. *Жумагул ар бир карагайдын түбүнө жүгүрүп барып сагыз издейт* (Шимеев). 2. Тамак сиңирүү жана ооздун гигиенасын сактоо үчүн атайын чайноо үчүн жасалган нерсе.

**САГЫЗ КУУРАЙ** Сагыз болуучу сүтү бар, тарам-тарам болуп барпайып өсүүчү куурай.

**САГЫЗГАН** Каргалар тукумуна кирүүчү ала-була түстүү, узун куйруктуу, шакылыктап үн чыгаруучу канаттуу. *Сагызган шакылыктап, жар таштын башына келип коно калды* (Сасыкбаев).

**САГЫЗГАН ИЗИ** Абдан жука, бир аз, аз гана, кыламык (жааган кардын канчалык экендигин билгизүүдө колдонулат). *Ал күнү болжогон жерге жете алган жокпуз. Эртең менен турсак сагызган изи кар жаап салыптыр* (Убукеев).

**САГЫЗГАН КУБАЛАП КЕТЧҮДӨЙ** Өтө кооз, кызыл-тазыл кийингенге тамаша же шылдың иретинде «мынча эмне кооздонгонсуң» деген мааниде. *Сагызган кубалап кетчүдөй кийинипсиң, – деп теңтуштары Айзааданы тамашалашты* («Кыргызстан аялдары»).

**САГЫН** Энсөө, самоо, көксөө, каалоо сыяктуу сагыныч сезиминде болуу, кусалануу. *Сагынып жазган саламым, Аман бар бекен үйдөгү* (Казыбек). *Курбулар, көптөн бери Жапардын созолонтуп ырдаганын сагындык* (Бөкөнбаев). *Сагындым Ала-Тоону, тууган элди, Атаэнем мекен кылган ыйык жерди* (Абдыраманов). *Жаз, саратан ысылаган сүйүүдөн, Барат недир күздүн желин сагынып* (Закирова). *Сагындым сени, чарчап да бүттүм түгөндүм, Эстеген сайын ооруткан жанды, дилимди* (Мамазаирова). *Сагынам алыс жакта жүргөнүмдө, Сиз деген сылык сөзүн жеңелердин* (Бегимкулова). *Бир чети ал кездерди сагынамын, Курсагын тойгузам деп жан баладын* (Байгазиев). *Төө деп минип ойногон ак ташымды, Сагынгандан кучактап өбө албайм ээ!..* (Байгазиев).

**САГЫНДЫР сагын** этишинин аркылуу мамилеси.

**САГЫНУУ сагын** этишинин кыймыл атоочу.

**САГЫНЫЧ** Куса болгондук, самагандык,

эңсегендик, көксөгөндүк. *Бир топтон бери сагыныч менен саргайып күткөн көк конверт колуна тийди* (Абдумомунов).

**САГЫНЫЧТУУ** Сагыныч туудурган, сагындыра турган. *Бактымды чексизсиң деп эсептедим, Ичтеги сагынычтуу сырларды ачып* (Абдыраманов).

**САГЫНЫЧТЫК** Сагынгандык, куса болгондук, самагандык, көксөгөндүк.

**САГЫР** *диал.* 1. Жетим, томолой. 2. Жаш бала, кичинекей бала. *Биринчи күнү барганда, Байкуш сагыр жетим деп, Алжайымды сурады* (Барпы). *Жалгыз эжемен башка эч кимим жок, сагыр элем* (Жантөшев). 3. *өт.* Тамашалоо, эркелетүү иретинде жаш бала, жаш жигитке кайрылуу сөзү.

**САГЫРЧЫЛЫК** *диал.* Жетимчилик. *Сагырчылык калып, ондойдон тыңмын.*

**САДА I** Жөнөкөй, жоош, момун, коңур. *Серкеси жок сада кой Айдап келдиң, Буракжан* (Эл ырлары).

**САДА II** *диал.* Төбө жагы тегерек тартып бутактап көлөкөлүү келген каражыгачтын бир түрү. *Айылдын астында ак жардын колтугундагы түбүндө кара кез башаты бар чоң садада жалгыз сүтак сайрайт* (Касымбеков).

**САДАГА** 1. Оору-сыркоодон, кырсыктан кутулуу, ар кандай балаадан сак болуу максатында жасалган курмандык жана бирөөгө берилген кайыр. *Бай Жакыптын малдарын, Манасына садага, Бөлүп койсок не болот?* («Манас» С.О.). *Энелердин колунан даам таткыла, садагалар!* (Сыдыкбеков). *Бактылуу эркин элимдин Балдары силер, садага!* (Нуркамал).

**САДАГА БОЛОЮН** Баласын, же өзүнөн кичүүлөрдү эркелетүү, жалынып-жалбаруу, жакшы көрүү маанисинде колдонулат. *Мен садага болоюн Жалжылдаган көзүңдөн* («Ала-Тоо»). **В.: Садагаң кетейин!** *Садагаң кетейин десе! – деп, Калмурат Алымкулга карады* (Абдукаримов). *Сакадай болгон берекем, Садагаң кетсин энекең* (Бөкөнбаев). **Секет болоюн!** *Секет болоюн, өз үйдөгүдөй көрүп тартынбай иче бер, – дейт эне, чоочун кызга* («Ала-Тоо»). **Секет кетейин!** *Секет кетейин, бара гой, – деп, баласын жумшады* («Ала-Тоо»).

**САДАГА КЕТ!** Бирин экинчисинен кем саноо, баркы жок, баасы жок кылып көрсөтүү, кемсинтүү иретинде колдонулат. *Жапардан садага кет* («Ала-Тоо»). **В.: Секет кет!** *Баладан секет кет, өппөгүн арак жыттанган оозуң менен* («Чалкан»).

**САДАГА КАГУУ** Садага берүү, курмандык чалуу, садага кылуу. **В.: Садага чабуу.**

**САДАГАЛА** Бир нерсени курмандыкка чалуу.

**САДИЗМ** Мыкаачылыкка, адамды аябастыкка дилгирленип өтө берилүү, башка бирөөнү жапа чектирип ошонун эсебинен ыракаттануу дегенди билдирүүчү түшүнүк.

**САДЫК** Чынчыл, ачык.

**САЖДА** Намаз окууда чөгөлөп олтуруп, чекени жерге тийгизген абал. Субхана раббиял аала (жогору турган кудайды мактайлы) деп үч мертебе айтуу. *Сажда кылып кандарын Басып кеткен ичинен* («Эл адабияты»).

**САЗ I** 1. Токтоп калган суулуу, шалбаалуу, чым көңдүү жер. 2. Кер сары тарткан, саргыч тарткан, кубарган өң. *Коркконунан далай эл Кызыл өңү саз болгон* («Жазгыч акындар»). *Коркуп өңү саз болуп* («Манас» С.О.).

**САЗ II** Закавказье, Иран, Афганистан жактарга тараган комузга окшош музыкалык аспап. *Самаган саздын үнүндөй, Салтанат экен күүлөрүң* (Бөкөнбаев).

**САЗ III** *диал.* Жакшы, түзүк. *Аз болсо да саз болсун* (макал).

**САЗ КУШТАРЫ** *аңч.* Сазда жашоочу куштар: чулдук, ызгыт, эчки маарак ж.б.

**САЗАЙ** 1. Жаза, айып, кыйноо. *Баштап алып келем деп, Буруттардын сазайын, Болушкан жерде берем деп* («Манас»). 2. Шариятка каршы болгондорго көпчүлүк алдында маскаралоо, абийирин төгүү аркылуу көрсөтүлгөн жаза.

**САЗАЙЫН БЕРҮҮ** *к.* **адебин колуна берүү.**

**САЗАЙЫН КОЛУНА БЕРҮҮ** *к.* **адебин колуна берүү.**

**САЗАЙЫН ТАРТУУ** Азабын тартуу, жазасын алуу. *Пайгамбардай кишинин башын аттаган ээнбаш неме сазайын тартсын, – деген сөздөр айтылып жатты* («Ала-Тоо»).

**САЗАН** Кабырчыктары чоң-чоң келген, карптар тукумуна кирүүчү балык.

**САЗАР** Саргаюу, саргарып кетүү. *Өңү сазарып ачуусу келди.*

**САЗДАК** Сазы бар, саздуу. *Айылга жакын саздак жылга менен Сызылып агып жаткан таза булак* (Турусбеков). *Саздак жерлерди кургатуу жана өздөштүрүү. Сүрдөбөй эптүү кармап чапкыларын Саздак, жер машиналар барбас жагын* (Осмонов).

**САЗДУУ** Саздак, сазы бар.

**САЙ I** 1. Суу жүргөн нук, алыш. *Кар эрип, сайларда суу көбөйгөн кез* (Үмөталиев). 2. Таштуу, кургак талаа 3. Мылтыктын стволуна, бурамага ж.б. жылга-жылга оюк түрүндө түшүрүлгөн из. – *Кана, мындай болгула! – деди Ашыр, туткасына чейин буралган сайы бар бургуну алып келип* (Сасыкбаев).

**САЙ II** 1. Абдан, мыкты, белгилүү, атактуу (күлүккө карата айтылат). *Сай кашканды жайлатып* («Манас» С.О.). *Сай күлүк. Сай тулпар. Сай буудан.*

**САЙ III** 1. Учтуу, курч нерсени матыруу, киргизүү. *Жигит күрөгүн көмүрдүн үстүнө*

*ура сайды* (Сасыкбаев). *Жаш да болсо Мендирман, Найзаны жаза сайбаган* («Мендирман»). *Намыс үчүн жоо сайган Баатырдын көркү урушта* (Токтогул). 2. Саймалап түр салуу, коооздоп тигүү. *Сайма сай.* 3. Көчөт отургузуу, тигүү. *Сайган бак, сепкен эгин жана башка Көкөлөп эмгек менен өсүп өнмөк* (Бөкөнбаев). 4. Байге, мелдеш үчүн бир нерсе коюу. *Элемандын сайган мөөрөй барысын Алат деген эмне?* («Эр Төштүк»). *Байгесинин башына Тогуз нарча төө сайды* (Тоголок Молдо).

**САЙ КАШКА** Мыкты, баатыр, асыл адам, чыгаан азамат маанилерин туюндуруучу сыпаттама сөз. *Сай кашка сөзүн билип ал* («Манас» С.О.). *Осмонбек, Мырзаалылар бир чакан колхозду кыймылдаткан сай кашкалардан* («Чалкан»).

**САЙ СӨӨГҮ КАКШОО** 1. Абдан үшүү, катуу муздап кетүү. *Сууктун бети курусун, ызгаары ызылдап өпкөгө өтүп, адамдын сай сөөгү какшайт* (Убукеев). 2. **к. Сай сөөгү сыздоо.**

**САЙ СӨӨГҮ СЫЗДОО** Азап, кайгы-муң же ыза аркылуу катуу кейиште, күйүттө калуу, абдан күйүнүү. *Сенин көз жашыңды көргөндө өзүмдүн да сай сөөгүм сыздайт. Кантейин!* (Сыдыкбеков). *Баарынан да Курмандын келинчегинин ыйына Айнурдун сай сөөгү сыздады* («Ала-Тоо»). **В.: Сай сөөгү зыркыроо.** *Азып жүргөндөгү бул кордукка уулунун сай сөөгү зыркырады* (Осмоналиев). **Сай сөөгү какшоо.** *Баланын энесин жоктоп ыйлаганына сай сөөгүм какшады* («Ала-Тоо»). **Сөөгү сыздоо.** *Анын абалын көрүп сөөгүм сыздайт, бирок колдон келер арга жок* («Ала-Тоо»).

**САЙ СӨӨГҮНӨ ЖЕТҮҮ** Бир нерсенин запкысы, кыйынчылыгы катуу таасир этүү, жанына батуу, көкөйүнө тийип, жанын кейитүү. *Муш аралаш ачуу сөз алардын сай сөөгүнө жетти* («Чалкан»). **В.: Сай сөөктөн өтүү.** *Өтүп кетти сай сөөктөн Байманаптын соргону* (Каралаев). **Сөөккө батуу.** *Байлардан көргөн азап сөөккө баткан* (Барпы). **Сөөктөн өтүү.** *Сөөгүмөн сөзү бек өтүп, Арамдар басат белимден* (фольк.) *Сөөктөн өткөн суук.* **Сөөккө жетүү.** *Баарынан да ушул аялдын ишарасы Турсундун сөөгүнө жетти* (Сасыкбаев). **Сөөктөн өтүп, чучукка жетүү.** *Каардуу кайнененин запкысы Батинанын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти* (Сыдыкбеков).

**САЙАВАН** *диал.* 1. Бак-дарактын көлөкөсү. 2. Кол чатыр. *Алдың шибер, төбөң сайаван.*

**САЙГА АРКАНДОО** Алдоо, сызга отургузуу, жазгырып кетүү. *Эми түшүнбөдүмбү! Көрсө, сен болушуңду сайга аркандаган жүрүпсүң* (Убукеев). **В.: Сазга аркандоо.** *Сени торпогуң менен кошо сазга аркандап кеткенин билген жоксуңбу? – макоо...* («Чалкан»).

**САЙГАК** Мүйүздүү ири малдардын жөн терисине тукум таштоочу, чымын-чиркейлердин тобуна кирген канаттуу мите. *Сарatanда токтобой, Сайгак кууган торпогум* (Тоголок Молдо). *Сайгак тийген кызыл музоо анда-санда бир тийип, Тентек Сайды аралай чапты* (Байтемиров). *Сайгактан жан далбаса кылган кээ бир уйлар көлөкө издөөдө* (Бейшеналиев).

**САЙГАК ТИЙГЕНДЕЙ** Абдан тез, өтө шашылыш. *Отургандар сайгак тийгендей дүргүп тура калышты* (Бейшеналиев).

**САЙГАКТА** Сайгактан кутулуу үчүн өөдөтөмөн жүгүрүү, сайгактан качуу. *Өйдө-төмөн сайгактап, уйлар качат соксоктоп* («Эр Төштүк»). *Ой, Атай, уйлар сайгактап келатат* («Ала-Тоо»).

**САЙГАКТАТ** **сайгакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЙГАКТОО** **сайгакта** этишинин кыймыл атоочу.

**САЙГЫЛА** Бир нече жолу, кайра-кайра сайгылоо.

**САЙГЫЛАШ** **сайгыла** этишинин кыймыл атоочу.

**САЙГЫЧ** Сайуучу нерселердин жалпы аталышы.

**САЙДА САНЫ ЖОК** 1. Орду жок, катардан чыккан, топко кошулбаган адамга карата колдонулат. *Жумушсуздуктун айынан сайда саны жок жүргөндөрдүн катары көбөйдү* («Агым»). 2. Тамтыгы чыккан, тарпы кеткен, абдан жыртылган, чалдыбары чыгып, эскилиги жеткен. *Сыртынан караса сайда саны жок, ичине кирсе илип алар жаңысы жок, далбаалап турган жаман үй Карыптыкы эле* (Жантөшев).

**САЙДА САНЫ, КУМДА ИЗИ ЖОК** Дайыны чыкпай жоголуу, дареги билинбей калуу, кабарсыз жок болуу. *Келген себеби: жээндери бар эле, жээндеринин да сайда саны, кумда изи жок* (Шүкүрбеков). **В.: Сайда саны, кумда изи калбоо.** *Эгер унчукпай кетип калсаңар, биз эмне болот элек? Сайда саныбыз, кумда изибиз калбайт болучу* (Жантөшев).

**САЙДЫН ТАШЫНДАЙ** Эбегейсиз көп, сан жеткис. *Менден өөндү көп тапты Саны сайдын ташындай* (Токомбаев).

**САЙДЫР** **сай** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЙИР** Тамаша, кыдырып тамаша кылуу. *Шаарды сайир кылып, бир топ кыдырдык.*

**САЙКАЛ** *диал.* Жылмалоо, жылмакайлоо, одур-будурун кетирүү.

**САЙЛА** Сайдын жээги менен басуу. *Алмамбетке беттебей, сайлап качып калыптыр.*

**САЙЛУУ** Сайы бар, сай чыгарылган. *Сайлуу мылтык.*

**САЙМА** Кооздук үчүн бир нерсенин

бетине сайып түшүрүлгөн түр. *Кыргагына калмактын Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»). *Сайма жоолук.*

**САЙМАГҮЛ** *диал.* Чоң-чоң, кооз кызгылт сары гүл ачкан, гүлүндө тарам-тарам оймочиймелүү издери бар, чанагы чоң өсүмдүк. *Саймагүлдөй түрлөнөт.*

**САЙМАЛА** Сайма саюу, сайма түшүрүү.

**САЙМАЛАТ саймала** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЙМАЛОО саймала** этишинин кыймыл атоочу.

**САЙМАЛУУ** Саймаланган, сайма менен кооздолгон, саймасы бар. *Саймалуу баштык. Саймалуу белдемчи.*

**САЙМАЧЫ** Сайманы жакшы саюучу, уз.

**САЙМАЧЫЛЫК** Кештечилик, сайма сайуу, кеште тигүү кесиби.

**САЙРА** 1. Кубулжуган үн салуу, кубулжутуп таңшуу (сайроочу куштар жөнүндө). *«Баг-баг, баг-баг, бытпылдык, бытпылдык» деп сайраган бөдөнөлөрдүн ченеми жок* (Жантөшев). *Жашара бер, Фрунзем, гүл оронуп, Сайрай берсин багыңа булбул конуп* (Үмөталиев). *Токоюнда булбулу Токтоосу жок сайраган* (Тоголок Молдо). 2. Уккулуктуу, жагымдуу кылып ырдоо, үнүн безеп таңшуу. *Топ жыйынды көргөндө Токтоосу жок сайраган* (Тоголок Молдо). *Ырдагандан талыбай, Сайрашалы, Сайрашалы кел бери* (Калмырза). 3. Уккулуктуу, таңшыган күү чыгаруу (комуз жана кээ бир музыкалык аспаптарга карата). *Көчөдө бопбоз чаң бурап, Күү чыгат сайрап шаңгырап* (Бөкөнбаев). 4. Көп сүйлөө, безелеңүү. *Кара тилин кайраган, Хан алдында сайраган* («Манас»).

**САЙРАКАН** *сүйл.* Сайрап көп сүйлөгөн аял затына карата лакап ат катары колдонулуучу сөз.

**САЙРАН** 1. Сейилдик, дем алуу. 2. Кең, эркин (талаа, жер жөнүндө). *Сайран талаа. Сайран жер. 3.* Жыргал, эркиндик, бакыт, шаттык. *Салтанат, сайран өлкөмдү, Сайрабай кантип турамын* (Бөкөнбаев). *Кандай сайран, кандай сонун бул турмуш* (Элебаев).

**САЙРАН КУРУУ** Сайрандоо, шаттануу, шапар тебүү, таң-тамаша куруу. *Көлдүн кылаасын, сайран курчу күндөрүбүздү, Шамбет, сенин ырыңды, Элебестин жомогун эскердик* (Сыдыкбеков). *Тынчтык деген Сайран куруп, Бак аралап жүргөндөй* (Нуркамал).

**САЙРАНДА** Шаттануу, шапар тебүү, таңтамаша куруу. *Жаштыктын багын сайрандап, Жадырап бирге гүлдөдүк* (Бөкөнбаев). *Дүнүйөнүн ыракатын тургузуп, Сан жыргалга сайрандайбыз канабыз* (Элебаев).

**САЙРАНДАТ сайранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЙРАНДОО сайранда** этишинин кыймыл атоочу.

**САЙРАТ сайра** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЙРОО сайра** этишинин кыймыл атоочу.

**САЙРООН** Суунун тайыз тарткан жери. *Чөп башын кертпей ылаалап, Жылкылар турар сайроондо* (Маликов).

**САЙРООНДО** Суунун тайыз тарткан, сайроон жеринен өтүү. *Суудан сайроондоп кечтим.*

**САЙРООЧУ** Сайрагыч, сайрай турган. *Сайроочу куштар.*

**САЙСАРЫМСАК** *диал.* Сарымсак өсүмдүгүнүн суу бойлоруна узун болуп, даамы ачуу келип өсө турган түрү. *Кегетинин сайында сайсарымсак көп өсөт.*

**САЙТ** *инф.* Пайдалануучуга маалымат алмашуу үчүн интернет тармагынан бөлүнгөн орун.

**САЙЫЛ сай** этишинин туюк мамилеси. *Калканындай арпанын, мурутун типтик сайылтып* («Эл адабияты»).

**САЙТАМЫР** Бакалоор. *Сарынай тарткан баланын, Сайтамыры лакылдап* (Дүйшеев).

**САЙЫН I** Аныктоо, тактоо, белгилөө маанисинде колдонулуучу жандооч сөз. *Далбай жүз тубар койдон жыл сайын жүз он, жүз он бешке чейин козу асырайт* (Байтемиров). *Карасаң колхоз кыштагын, Күн сайын барат жашарып* (Осмонкул).

**САЙЫН II сай I** этишинин өздүк мамилеси.

**САЙЫП БУРУШ** Өтө чыгаан, ааламга аты чыккан деген маанидеги сыпаттама сөз, баатырларга карата колдонулуучу титулдук эпитет. *Он эки кол берген, Калыйпадан кат алган, Муну менен сайып буруш атанган* («Манас»).

**САЙЫШ I** 1. Ат үстүнөн найзалашып беттешкен уруш. *Аралап кирсең сайышка Адамдан кыйын сак эле* («Курманбек»). 2. Ат үстүнөн бири-бирин сайып түшүрүү мелдеши. *Сайышта Чүйдөн барган Тиштээк деген Беттешмек Аксакалдай балбан менен* (Маликов).

**САЙЫШ II сай** этишинин кош мамилеси.

**САК I** Дени соо, оорубаган. *Саламат барып сак келгин!*

**САК II** 1. Сезгич, сезе коймо. *Кулагы сак. Атка жеңил, тайга чак, Уйкусу жок, жолго сак* («Манас»). 2. Алды-артын байкаган, кылдат, сактана билген. *Жамандыкка чалынбайт, Өз башына өзү сак* (Токтогул). *Дарбазаңдын алдында ач бөрү көп, Сак болуп койду түгөл багуу керек* (Баласагын). *Өтө сак, кыраакы да, этияттап, Иштеп жүрдү милдетин өтө тактап* (Баласагын).

**САК III** *диал.* 1. Ит. 2. Ит жылы. *Жортуп жүрүп Сак келип Сырдаш болду мышыкка. Жолугушат бул экөө, Далай – далай кызыкка* (Чоробаев).

**САК КУЛАК** Бир нерсени тез уккан. *Ал жеткен сак кулак неме.*

**САК-САЛАМАТ** Аман-эсен, дени соо. *Сак-саламат жүрөсүзбү? Током, сак саламат келдиңби?*

**САКА** Чүкө оюнунда чүкөнү атуу үчүн колдонулуучу атууга эптүү жана салмактуу келген чүкө (көбүнчө тоо текенин, аркардын, кулжанын же эликтин чүкөлөрү). *Коночоок сака. Кыйшык консо сакасы, Кызарышып чырдашып, Сөгүнүшөт балалык* (Токтогул).

**САКАБА сааба** менен бирдей. *Сакалын бурап толгогон, Атаңды сакабалар колдогон* («Манас»).

**САКАБАТ** Кол-кайырды көп берген, айкөл, берешен, кайрымдуу, бечараларга кайыр берген адам. Марттык. *Кайыр-сакабат.*

**САКАДАЙ** Тула бою жыйнак, тыгырчыгынан келген чымыр. *Кишимжан келди буралып, Сакадай бою чыңалып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**САКАДАЙ БОЮ САРЫ АЛТЫН** Колунан бардыгы келген, акыл-эстүү, токтоо, абдан мыкты (көбүнчө бою кичирээк адамдарга карата колдонулат). *Гүлжан жаш болсо да, сакадай бою сары алтын кыздардын бири* («Ала-Тоо»).

**САКАЙ** Айыгуу, оорудан жакшы болуп кетүү. *Балдар туш-туштан жаалашты: – Дарыларды тез жут, Ашым, тез сакаясың!* (Сыдыкбеков). *Бүгүн Жылдызкан оорусунан сакайып, мектепке барган* (Байтемиров).

**САКАЙТ сакай** этишинин аркылуу мамилеси.

**САКАЛ** 1. Эркектердин жаактан ылдый тарта, ээкти каптай чыккан кылы. *Сакалдын көркү чалда бар, Сулуунун көркү калда бар* (Токтогул). *Сакал-мурут сайылып кокту-жарга... санаасы тынч болууга жок бир арга* (Култегин). 2. Айрым айбандардын (мис., эчки-текенин) ээк алдына узун жана топ болуп чыккан жүнү.

**САКАЛ АЛГЫЧ** Сакал алуучу шайман. – *Ай Турсун, үстөл үстүндө турган сакал алгычты сен алып жүрбө* («Жаш ленинчи»).

**САКАЛ СЫЙПАГАНЧА** Заматта, бир пас-та, көз ачып-жумганча. *Соода сакал сыйпаганча* (макал).

**САКАЛАТ** Славян элдери: орустар, украиндиктер, белорустар, поляктар, чехтер, словяктар, болгарлар, сербдер, харзаттар ж.б. *Ар түрдүү элдин улугу, Арманда Шооруктуруду. Сакалат менен тарсасы, Келген экен бул колго Ынды менен калчасы* («Манас»).

**САКАЛДУУ БАШЫ МЕНЕН** Жашы улгайганына карабай, абийрине карабай, уялбай. – *Сакалдуу башы менен башкарма акем эмне болду* (Убукеев).

**САКАЛДУУ** Жашы улуу, улгайган, улуулук жолу бар. – *Сакалдуу башы менен акеме эмне болду!* (Убукеев). *Сакалдуу киши жоого түшөрбү?* (макал).

**САКАЛДУУЛА** Улуусуна, жашына карoo.

**САКАЛДУУЛУК** Жашы улуулук, жаш жагынан улуулук жолу бар болгон абал.

**САКАЛЧАН** Сакалы бар, сакалы өскөн адам.

**САКАЛЫ ӨРТТӨНҮҮ** Уятка калуу, уят болуу, абийири кетүү (улгайып калган кишилерге карата).

**САКАЛЫМ ӨРТТӨНСҮН!** Бир нерсеге ишендирүү же өзүнүн актыгын, күнөөлүү эместигин билдирип каргануу маанисинде колдонулат. *Сакалым өрттөнсүн, мен кантип ушуга барайын.*

**САКАЛЫҢ ӨРТТӨНГҮР!** Жашы улгайып калган кишилердин ылайыксыз, олдоксон, жаман жүрүш-турушуна, тескери жоруктарына карата жек көрүү, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Сакалың өрттөнгүр, каратып туруп калп айткандан уялсаң боло!* («Ала-Тоо»). **В.: Сакалың кыркылгыр!** *Сакалың кыркылгыр, кылган ишин кара!*

**САКАЛЫН СҮЙРӨӨ** Жашы өтүп кеткенине, улуулугуна карабай, ылайыксыз ишке киришип кетүү, илээше берүү. *Сакалын сүйрөп буга эмне бар эле, – деп отургандар жактырышкан жок* («Чалкан»).

**САКАНАК** Керегенин бурчтарындагы кыска жыгачтары. *Саканактары сынып бүткөн кереге* (Жантөшев).

**САКАНАК ТАҢГЫЧ** Жайылган керегелердин бири-бирине ашталган санактарын бириктирип бекитүүчү сызма.

**САКАП** Ашык, ашык болуу. *Сакап болгонум да ырас, сүйгөнүм да ырас эле* («Эл адабияты»).

**САКАСЫ АЛЧЫ КОНУУ** Дайыма иши оңунан чыгуу, иши илгерилей берүү, каалаганындай болуп туруу. *Ошондо Тургунбектин сакасы өкчөгөн сайын алчы конуп турган кези эле* («Чалкан»).

**САКАЮУ сакай** этишинин кыймыл атоочу.

**САКВОЯЖ** Колго алып жүрүүгө ылайыктуу, оозунда бекитмеси бар сумка.

**САКЕРДЕН** *диал. тар.* 1. Кокон хандыгынын учурунда хан буйругу боюнча милдеттүү түрдө эгин жыйнаган адам. 2. *өт.* Кошоматчы адам.

**САКМАН** Койлордун туут учуру.

**САКМАНЧЫ** Койлордун туут учурунда койчуга жардамчы болгон адам.

**САКОО** 1. Жаш жылкынын (кулун, тайлардын) көбүнчө алкым жаккы бездеринин ириндеп кеткен жугуштуу ылаңы. 2. Кекеч, кекечтенип түзүк сүйлөй албаган адам.

**САКРАЛДЫК** Диний культка, ырым-жырымга байланыштуу ыйык, касиеттүү деп эсептелгендик.

**САКСАГАЙ** Саксайган, саксаңдаган чач ж.б.

**САКСАЙ** Үрпөйүп иретсиз, көрксүз болуп көрүнүү (жүн, чач, сакал жөнүндө). *Төбө чачы*

*тик туруп, Чал сакалы саксайды* («Мендирман»). *Саксайган сары аюу бар, Аюуда далай каруу бар* (Тоголок Молдо).

**САКСАК** Жүндөрү, көрпөсү саксайган. *Башында чоң саксак тебетей* (Токомбаев). *Саксак көрпө тумакчан* (Бейшеналиев).

**САКСАКТА** Чачты, сакалды саксандатып коё берүү.

**САКСАҢ** **саксак** менен бирдей.

**САКСАНДА** Саксайган, үрпөйгөн кебетеде болуу. *Суксур сүйүнгөнүнө чыдабай жылаң баш саксаңдап кирип келди* (Абдумомунов).

**САКСАҢДАТ** **саксаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**САКСАҢДОО** **саксаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**САКСАЮУ** **саксай** этишинин кыймыл атоочу.

**САКСОФОН** Музыкалык аспаптын бир түрү.

**САКСЫН** Сак көрүнүү, сак болгонсуу.

**САКТА** 1. Бир нерсени бөлүп катып коюу, башкага тийгизбей, коротпой катуу. *Сактаса чирип дат албайт, Салмагы оор алтынды* (Казыбек). Куба *курут, сары май Сактап жүрдүң ар дайым* (Нуркамал). 2. Коргоо, кол салдырбоо, тышкы аракеттин зыяндуу таасирине учуратпоо, аман алып калуу. *Жоодон сактап калкыңды, Эл алкышын ала жүр* («Мендирман»). *Сен улуттун ар-намысын сактадың! Өзүңдү сен кулчулукка сатпадың* (Байгазиев). *Адамдарды жамандыктан сактоого, Сөзү гана Айтматовдун буралат* (Акматалиев). 3. Асыроо, асырап багуу, чыгымга учуратпоо, жок кылып жибербөө. *Ат сактаган ат минет, тон сактаган тон киет* (макал). 4. Тутуу, кармоо, ойдон чыгарбоо, унутпоо. *Кек сактады. Кир сактады. Эсине сактады. Атанын акыл сөзүн сакта, досум!* (Шимеев). *Абаңдын айткан ырларын Алтындай сактап түйүп ал* (Токтогул). *Тартип сакта. Адеп сакта.* 5. Белгилүү бир жайда болуу, туруу. *Каркылдап каздар көл сактайт, Кара ылаачын чөл сактайт* (Токтогул). *Алтымыш, жаштан ашканда, Айылдын дөңүн сактайсың* (Тоголок Молдо).

**САКТАЛ** **сакта** этишинин туюк мамилеси. *Тартиби күчтүү өлкөдө ишке да, сөзгө да чыгаан бол. Тартип сакталбаган өлкөдө ишиңе тыкан, бирок сөзүңө сак бол* (Конфуций).

**САКТАЛУУ** Сакталган, катылган.

**САКТАН** **сакта** этишинин өздүк мамилеси.

**САКТАР** *тар.* Б.з.ч. 1-миң жылдык б.з. I кылымында Орто Азия, Чыгыш Түркстан, Казакстан аймактарын мекендеген уруулар.

**САКТАТ** **сакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САКТОО** **сакта** этишинин кыймыл атоочу.

**САКТООЧУ** Кандайдыр бир нерседен сактаган коргоочу. *«Тез жардам» кызматкерлери адам өмүрүн сактоочулар.*

**САКТЫК** Этияттык, ыраакылык, сергектик, сезгичтик. *Сактыкка кордук жок* (макал). *Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт* (макал).

**САКТЫЯН** *эск.* Кой, эчки терисинен боёлуп жасалган булгаары. *Сабам сулуу болсун деп, Сактыяндан жасаткан* (Эл ырлары). *Сол капшытында иймекей кара мурут, суусар тебетей, кемер кур, сагдиан жалтырак өтүк жаш жигит Дур экенин болжоду* (Бейшеналиев).

**САКЧЫ** 1. Кароолчу, кайтаруучу. *Кылыч алып кымпыйган, Так кырк балбан сакчысы* («Манас»). *Көрбөсүн душман кокус деп, Сыртынан сакчы коюшту* («Мендирман»). 2. Чек араны сактоочу, кайтаруучу жоокер. *Өлкөсүн өз жанындай бекем сүйгөн, Кайраттуу кызыл чекте сакчыбыз бар* (Осмонкул). *Сокурдан сакчы койсоң, элиңди чаптырасың* (макал).

**САКЧЫЛЫК** Сакчы болуу, бир нерсени кайтаруу, сактоо иши. *Калың токой арасында, Сакчылыкта турамын* (Мидин).

**САКЫ** Март, берешен, колу ачык. *Сараңдык кылган бакылдан, Сакылык кылган март артык* (Тоголок Молдо). *Сакылыгың ким билсин, Кайырга колуң ачпасаң* (Терме).

**САКЫПЖАМАЛ** Келишимдүү, сулуу.

**САЛ I** 1. Кирген чоң суу агызган жыгач, дөңгөч, топтошуп калган жыгачтардын бутактары, тамырлары ж.б. 2. Чоң суугa салып атайылап агызган (белгилүү жерге оңой жеткирүү максатында) кесилген карагай. *Тээктеп байлап сал кылып, Ушул сууга салабыз* («Мендирман»). 3. Чоң суудан өтүү үчүн карагай, тал ж.б. жыгачтардан атайылап жасалган калкыма. *Сал байлап суудан кечишип* («Манас» С.О.). 4. Чоң калың, кеме. *Карагайы, тал агып Кайың менен сал агып* («Манас» С.О.).

**САЛ II** 1. Бир нерсенин ичине же бетине жайлаштыруу, коюу. *Балдар ойноп чөнтөгүнө салып жейт, Боорсок кылам ак буудайдын унунан* (Осмонов). *Жамийла дасторкон жайып, ага чача боорсок салды* (Баялинов). *Жаңы өзөндүн, Алма, жүзүм, дарбызын, Тандап үзүп, Ящикшерге салабыз* (Маликов). 2. Жаюу, төшөө (кийиз, төшөк ж.б. жөнүндө). *Төшөк сал. Шырдак сал.* 3. Куруу, жасоо. *Келишкен аппак там салып, Терезе, каалга чоң болду* (Шайбеков). *Асканы муздай талкалап, Жол салып өткөн кез ушул* (Бөкөнбаев). *Жыгачтан уя салгыла Ала шалбырт жаз менен* (Осмонов). 4. Малга тоют берүү. *Андрей эрте туруп алып уюна чөп салып, бастырманын үстүндө жүргөн* (Байтемиров). *Ашыр аке акырларга саман салып, өзүнчө кобурады* (Убукеев). 5. Бир нерсени катыштыруу, кошуу. *Чайга кант салды. Тамакка туз салды.* 6. Казанга

түшүрүү, бышыруу (эт жөнүндө). *Чийки эт койбой салгыла, Бут бышырып алгыла* («Эр Табылды»). 7. Жүктөө, үстүнө коюу. *Машинага жүк салды. Кетменин ийнине салып, сугатка жөнөдү.* 8. Киргизүү, матыруу. *Бычак салды. Айза салса бойлобойт.* 9. Дуушар кылуу. *Жабырга мынча салгыдай, Менде кудайдын өчү бар беле?!* (Токтогул). *Түйшүккө салдың, Эрназар, Түнкатар, Саяк тууганды* (Токтогул). 10. Сүйлөө, бир нерсе айтуу, ырдоо. *Кеп сал. Сөз сал. Комузуңду колуңа ал, Ойкуштанып обон сал* (Токтогул). 11. Коюп жиберүү, чаап жиберүү, тартып жиберүү. *Башка бир салды. Чал атын моюнга бир салды. Камчы менен бир салды.* 12. Бир жакка бет алып жүрүү. *Үйдү көздөй салды. Аттанып алды да, төмөн карай салып кетти. Ак-Сууну көздөй кеткен кара жолго салдым.* 13. Белгилүү бир өзгөчөлүгүнө, артыкчылыгына таянуу, ошондон пайдалануу. *Күчкө салып жеңүү. Өжөрлүгүнө салды. Чечендигине салып сөз бербөө.* 14. Почта аркылуу жөнөтүү, жиберүү. *Акча салды. Кат салды.* 15. Алгыр куштар менен аңчылык кылуу. *Куш салды. Бүркүт салды. Ителги салды.* 16. Кийүү, жамынуу (кийим-кечени), башына байлоо (жоолукту). *Сандалымды бутума салдым да, Эсенгелди абышкага жөнөдүм* («Жаш ленинчи»). *Ак шайы салган башына Алганың келди мына эми* (Нуркамал). 17. Туур маалына жете электе бала таштап коюу. *Кулун салды. Музоо салды. Козу салды.* 18. Саала турган малды ийитиш үчүн жаш төлүн (кулунду, музоону ж.б.) бир аз эмизүү. *Кулун салып бээ саадыруу. Музоо салып ийдирүү.* 19. Катуу, кийгизүү (ноктону, жүгөндү); илинтүү (укурукка, чалмага); илүү, өткөрүү (сөйкөнү, шакекти, билерикти). *Үйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы* (макал). *Азоолорду чалма салып үйрөтүп* (Осмонкул). *Шакек сал. Сөйкө сал.* 20. Малдын эркек төлүн (кочкор, айгыр ж.б.) ургаачыларына кошуу үчүн ыйгарып калтырып коюу. *Кочкор сал. Айгыр сал. Теке сал.* 21. Жалпы кароого коюу. *Көпчүлүккө салды. Элге салды. Жыйналышка салды. Добушка салды.* 22. Мөмө алуу, мөмө байлоо. *Өрүк мөмөнү көп салды. Мөмө сала турган жемиш бактар.* 23. Кандайдыр бир ишке чегүү, буюруу, ишке пайдалануу. *Жумушка сал. Кетменге сал. Сугатка сал.* 24. Баштоо, чыгаруу (чыр, чатак, чуу ж.б. карата). *Чатак сал. Чуу сал. Чыр сал.* 25. Кандайдыр бир ишти жүзөгө ашыруу, орундатуу үчүн бирөөгө карата кадырын, көңүлүн пайдалануу, колдонуу. *Кадырын салды. Көңүлүн салды.* 26. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Айта сал. Бере сал. Бүтүрө сал. Жаза сал. Ары-бери кыла сал.*

**САЛ МОЮН** Мойну жоон, көрөсөндүү жылкы. *Кармап алып сал моюн, Элемандын Эр Төштүк, Агаларына салды оюн* («Эл адабияты»).

**САЛ УСТА** Усталардын пири. *Сал устадан сураган, Сандалып бара жатканда* (Дүйшеев).

**САЛА-САЛ КЫЛУУ** Башка бирөөгө шылтай салуу, башкага түртө салуу, ыйгарып коюу. *Ишти бирөөгө сала-сал кылбай, өзүң бүтүр. Анын эмнесин мага сала-сал кыласың.*

**САЛАА** 1. Манжалардын арасындагы аралык. *Жеңиш катты оң колунун салаасына кысып, велосипедин минип, учкан куштай зыпылдады* («Жаш ленинчи»). *Салаа менен ак сакалын тарады* (Токомбаев). 2. Тарам-тарам болуп кеткен кокту, колот, суунун бөлөк-бөлөк агымы. *Өзөндүн башы төрт салаа* (Сыдыкбеков). *Батышты көздөй салаа-салаа жылгалуу, майда-майда чыбырдуу бөксө тоо созулуп кетет* (Таштемиров). 3. Колдун манжалары. *Ширеңкенин талындай болгон баланын арык салаалары. Беш салаа батпас тар жер.*

**САЛААЛА** 1. Тарам-тарам болуп бөлүнүп туруу. *Коктуларынан салаалап аккан тунук булак* (Жантөшев). *Салаалаган тоолордо Малдарың өсүп жайылган* (Барпы). 2. Бир нерсени манжаларынын арасына алуу. *Ушинтет да ак сакалын салаалайт, Жымың этип жаш үчкүчтүн бабасы* (Токомбаев). 3. Эки колдун манжаларын салааларына киргизип бириктирүү, туташтыруу.

**САЛААЛУУ** Салааланган, салаа-салаа болгон.

**САЛААСЫНАН МАЙ АГУУ** Болуп-толуп, абдан кененчиликте жашоо. *Азыркы мезгилдин несин сурайсың. Бирөөлөрдүн салаасынан май агып, экинчи бирөөлөр жалаң талканга жетпей ар кимдин көзүн карап, жалдырап турган учур* («Асаба»).

**САЛАБАТ** Бедел, нарк, сымбат. *Байкай салдым бир карап, Салабат чоң өзүңдү* («Мендирман»). *Менин сырткы сымбатыма, сүйкүмдүү салабатыма карап, мөлтүрөгөн жигит менен моймолжуган келинге бактырып койду* (Жантөшев).

**САЛАБАТТУУ** Салмактуу, нарктуу, даражалуу; кагылган, токтолгон; келишкен, сымбаттуу. *Алардын ичинде орто жашап калган салабаттуу бирөө бар* (Сыдыкбеков). *Сатар компоюп, кадимки салабаттуу чоң кишидей* (Баялинов). *Каркырадай көрүнгөн, Салабаттуу нускасы* (Осмонкул).

**САЛАБАТТУУЛУК** Токтоолук, салмактуулук. *Ичинен жини келип турганын билгизбей Бектен салабаттуулук менен учурашты.*

**САЛАКА** 1. Таасир, кесепет, зыян, залал. *Салам берип ырдачы, Салакаңды көрөйүн* (Токтогул). *Менин силерге салакам тийген эмес* (Байтемиров).

**САЛАКАЛУУ** 1. Көрүнүктүү, кадыр-барк-

туу. *Салакалуу боз бала, сымга тарткан күмүштөй. Салакалуу кан эле* («Семетей» С.К.).

**САЛАКТА** Саландап, салбырап туруу. *Теңденип келаткан серке чаначтар салактап эки жагында бултаңдайт* (Сыдыкбеков). *Карай салса ал кушту, Сол жагында кырк бугу, Жүргөн экен салактап* («Эр Төштүк»).

**САЛАКТАТ салакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛАКТОО салакта** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛАМ** 1. Саламдашуу, учурашуу, кадыр-көңүлдү суроо иретинде айтылуучу сөз. *Кабардар болгун алына, Салам айтам баарына* (Казыбек). *Базарда миң киши бар, ар кимиси сүйгөнүнө салам берет. Саламдан кокус жылмышып калат деп, Мончоктой кылып мойнума тагып жүрдүм мен* (Мамазаирова). *Аалам кезип, Айтматовдон салам айт, Ак булуттар, алыс сапар тарткандар* (Акматалиев). 2. Бирөө аркылуу айттырылган өтүнүч, суроо. *Таякеңдин сизге айттырган саламы ушул, аксакал, болсо тезинен орундатып койсоңуз, бүгүн кечте кайтуум керек* («Чалкан»).

**САЛАМ ДУБА** Амандык айтуу, тынчтык тилөө, белек. *Салам дуба берилсин, Берди бекен, молдо кыз* (Эл ырлары). *Санаага түшөт көп пикир, Салам-дубаң келгенде* (Казыбек). *Барыңарга Баймамбет, Салам дуба деди эле.*

**САЛАМАНДРА** Сууда жана кургакта жашоочу кескелдирик сыяктуу жаныбар.

**САЛАМАТ** Аман-эсен, дени соо. *Саламат бол көргөнчө, Замандаш курбу жалпыңар* (Казыбек). – *Көрүшкөнчө саламат туруңуз!* (Каимов). *Саламат барып сак келиңиз!* (Жантөшев).

**САЛАМАТТЫК** Ден соолук. *Ушу өткөн анча-мынча күнү чырныктай калганы болбосо, Жылдызкандын саламаттыгы жакшы* (Байтемиров). *Саламаттык сактоо бөлүмү. Тамеки тартуу саламаттыкка зыян.*

**САЛАМГА КЕЛБЕЙ КАЛУУ** Бой көтөрүп, киши таанybай калуу, сүйлөшкүсү да келбөө. *Кубатбек бирге окуп, бирге чоңойгон бала эле, эми саламга келбей калыптыр* («Ленинчил жаш»).

**САЛАМГА КЕЛҮҮ** Сөзгө келүү, эң алды менен жай сурашып, ал-жайды айтуу маанисинде.

**САЛАМДАШ** Учурашуу, амандашуу, салам айтышуу. *Бирөө кары, бирөө жаш, Тааныштарга саламдаш* (Шүкүрбеков). *Улуу-кичүү баарыңа, Жашың менен карыңа Саламдашып алайын* (Калык).

**САЛАМДАШТЫР саламдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛАМДАШУУ саламдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛАМКЕЧ** 1. Арам тамак, көшөкөрлөнүп бирөөнүн эсебинен жан багуучу. 2. Жоро, бозо ичкени келген адам.

**САЛАМКЕШ саламкеч** менен бирдей.

**САЛАМЧЫ** 1. Кокусунан каттаган киши. *Саламчыдан берип жиберди.* 2. Атайлап чакырылбаган, бирок өзүнчө салам айтып кирип келген киши (көбүнчө жородо).

**САЛАМЫ ТҮЗ** Жаман мамиледе эмес, ниети түзүк. *Экөөбүздүн саламыбыз түз болуп жүрөт.*

**САЛАҢДА** Ылдый карай салбырап туруу, түшүп кетчүдөй илинип турган абалда болуу. *Кере карыш салаңдап, Ак буудайдын баштары* (Осмонкул). *Шашып калдым, жүзүмдөрү мөлтүрөп, Туш-тушумдан, төбөмдөн да салаңдайт* (Токомбаев). *Урап кетчүдөй салаңдаган зоонун түбүнөн «виллис» өтө берди* («Ала-Тоо»).

**САЛАҢДАТ салаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛАҢДОО салаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛАНДООР** 1. Желбирөөч. 2. Саландап байланып, асылып турууучу нерсе.

**САЛАР** *эск.* Башкаруучу, башчы, улук. *Сен салар да, мен салар – атка чөптү ким салар.*

**САЛАТ** Жалбырагы чийки боюнча тамак-ашка колдонулуучу жашылча өсүмдүгү. 2. Тууралган жашылчаларга жумуртка, эт же балык кошуп, каймак, өсүмдүк майын куюп жасалган муздак тамак.

**САЛБАР** 1. Кароосуз, керексиз, эч ким көңүл бөлбөгөн, пайдаланылбаган. *Алты ай салбар болгомун* («Семетей» С.К.). *Устабай жер өңүтүн жакшы билчү, барар жерин жакындатыш үчүн тулаң жапкан салбар жолго салды* (Станалиев). 2. Таштанды.

**САЛБУРУН салбырын** менен бирдей.

**САЛБЫРА** 1. Саландап туруу, ылдый карай чубалжып, самсаалап түшүп туруу. *Кай бирлери салбыраган жүзүмдөрдү аралап жүрүшөт* (Байтемиров). *Көчүп жүрдүң адыркырда, Туурдугуң салбырап* (Бөкөнбаев). 2. Алсыроо, алдан тайуу, ыкшоо тартуу. *Ошентип, күйкөнү жоготуп салбырай бастырып келаткан элек* (Сыдыкбеков).

**САЛБЫРАК** Салбыраган, салбырап көрүнгөн. *Үстү-башы салбырак.*

**САЛБЫРАТ салбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛБЫРОО салбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛБЫРЫН** *аңч.* Алыс жерге бир нече күн аң уулоочулук. *Салбырын деген сапар го. Салбырындайт сан казак, Марал менен бугусун,* (Молдо Кылыч). *Апталап-айлап алыска салбырынга чыкканда азилдеше жүргөн Эликбай карыя* (Абакиров).

**САЛБЫРЫНЧЫ** *аңч.* Салбырынга чыккан аңчы.

**САЛГАН ЖЕРДЕН** А дегенде эле, чү де-

генде эле, баштаганда эле. *Салган жерден эле жаңылды.*

**САЛГАН КАШЫГЫН САЛУУ** Өзүнүн мамилесине жараша мамиле кылуу. *Мен анын салган кашыгын салам.*

**САЛГАР** Чоң, кенен тоонун жолу. *Сур коёнго камчы уруп, салгар жолго салды ошол* (фольк.).

**САЛГЫЛАШ I** Уруш, согуш. *Кызуу салгылаш жүрүп жаткан* (Сыдыкбеков). *Салгылашта далай кийим жыртылды* (Токомбаев).

**САЛГЫЛАШ II** Урушуу, согушуу. *Баатырлар кан майданда салгылашып, Кубалап мыкаачыны алактатып* (Турусбеков). *Баатырлар душман менен салгылашып, Сен үчүн канча канды төгүшпөгөн* (Шимеев).

**САЛГЫЛАШТЫР салгылаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛГЫЛАШУУ салгылаш** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛГЫЧ** *сүйл.* Кандайдыр бир нерсени салып коё турган, коюп коё турган нерсе.

**САЛДА** Өтө күчтүү. *Санынан артык сапаттуу Салда дөөдөн тандап бер* («Эл адабияты»).

**САЛДАР** Жаман таасир, калдык. *Эски турмуштун салдары.*

**САЛДЫР сал** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛИМА** Баардыгы жеткиликтүү, бакубат, эч жеринен зыян тартпаган, кемчиликсиз. Баардык жагынан төп келген мыкты адам маанисинде. *Батини ачык салима* («Манас» С.О.).

**САЛКЫН** 1. Мелүүн, серүүн, ысык да, суук да эмес. *Күзгү коңур салкын. Салкын жели бетке урган, Таңы сонун Ала-Тоо* (Бөкөнбаев). *Атырдай жыттуу салкын жел, Адамдын черин тараткан* (Нуркамал). 2. Суз, көңүл кош. *Эртең менен биринчи учурашкандагы салкын мамилеси да Мыскалды көп ойлондурган* (Убукеев). *Кыздын жылмайышы да суз, салкын, муңдуу жылмайыш болду* (Сыдык-беков).

**САЛКЫН КАНДУУ** Токтоо, сабырдуу, бир мүнөздүү. *Намыстуу Султанаалы ыйлабайт, муңбайт, эмне болуп кеткенин салкын кан-дуу ойлойт* (Каимов). *Нуркасым албеттүү, салкын кандуу жигит* (Сыдыкбеков).

**САЛКЫН КӨЗ МЕНЕН КАРОО** Көңүлү келбей, кош көңүл мамиле кылуу, үстүртөн кароо. *Ишине салкын көз менен караган киши экен* («Чалкан»). *Ырасын айтсак, мектеп ишине, башкарма, сиз да салкын көз менен карайсыз* (Сыдыкбеков). **В.: Салкын кароо.** *Ашыр да ишине салкын карар эле* (Сасыкбаев).

**САЛКЫНДА** 1. Салкын тартуу, ысыктын илеби кайтып, күн салкын болуу. *Күн салкындап турган* (Элебаев). 2. Салкынга чыгуу, серүүндөө. *Салкындап суу боюнда басып жүрөм* (Үмөталиев).

**САЛКЫНДАТ салкында** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛКЫНДОО салкында** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛМАК** 1. Нерсенин, заттын салмактап өлчөө аркылуу белгилүү боло турган оордугу, оордук абалы. *Музоо жедеп көнгөндөй, баланын салмагын тоотпой, чийдин учун жалмалап турат* (Сыдыкбеков). *Ириктин ар бирөөн 70 килограмм салмак менен тапшырды.* 2. Күч, артыкчылык. *Сени коргоп өйдө турду баатыр эл, Салмагынан солкулдады кара жер* (Үмөталиев). *Дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп салмагың, Элиң үчүн эрдигиңди арнадың* (Калык). *Салмагың оор зар элең, Сандыргалуу жан элең* (Казыбек).

**САЛМАК МЕНЕН** Акырын, жай гана, шашпай. *Керим катты салмак менен окуй баштады* (Таштемиров).

**САЛМАКСЫЗ** Салмагы жок, жеңил, оор эмес.

**САЛМАКТА** Бир нерсенин салмагын болжоп көрүү, колго алып көтөрүп көрүү аркылуу салмагын аныктоо, байкоо. *Жүгөрүнүн ар сотосун колуна алып салмактап көрдү* («Ала-Тоо»).

**САЛМАКТАН** 1. Салмактуу болуп көрүнүү, салмагы көбөйө түшүү. 2. *өт.* Өзүн начар сезип, оор болгонсуу. *Башым салмактанып турат.*

**САЛМАКТАНУУ салмактан** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛМАКТАТ салмакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛМАКТОО салмакта** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛМАКТУУ** 1. Оор, салмагы көп. *Чоң койчу салмактуу чоң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев). 2. Оор басырык, токтоо. *Капитан Ирינаны кучактап, салмактуу улуулук мүнөз менен эркелетип койду* (Жантөшев). *Адыл ачык мүнөздүү, салмактуу адам* (Сыдыкбеков). 3. Олуттуу, орундуу. *Сакалын оң кол менен сылап алып, Салмактуу коргошундай сөзгө кирди* (Бөкөнбаев). *Анын коргошундай салмактуу сөздөрү Кулжандын кулагына угулуп турду* (Байтемиров).

**САЛМАКТУУЛУК** 1. Салмагы барлык, салмагы көптүк. 2. Оор басырыктык, токтоолук. *Камалбек өтө тынч жана салмактуулук менен: – Сырларымы Зуннахун сага айткан беле? – деп сурады* (Жантөшев). 3. Олуттуулук, орундуулук. *Сөздөрүнүн салмактуулугу артыкча.*

**САЛМООР** *диал.* 1. Күмүштөн жасалган чоң, жалпак сөйкө. *Ушул салмоорумду энем чоң устага жасатып берген.* 2. Чий чырмаганда жипке байланып ылдый

саландатып коюлган таш. 3. Жоон оромо чынжыр. 4. *аңч.* Кушту, бүркүттү таптаганда качып кетпес үчүн бутуна тагылуучу оор нерсе, баштык. 5. Күүлөнтүп таш ыргытууга ылайыкталган, таш салынчу кайышы жана боосу бар оюнчук курал. *Чакылдап чакчыгайлар ташка консо, Керилип салмоор менен урдум эле* (Токобаев).

**САЛМООРДУН ТАШЫНДАЙ** Өтө тез, дуулдаган бойдон, аткан октой. *Оздугун качырата чайнап, туйлап жээрде кашка салмоордун ташындай зымылдады* («Ала-Тоо»).

**САЛОН** 1. Көркөм чыгармачылык менен даярдалган товарларды, искусство чыгармаларын сатуучу дүкөн же көркөм чыгармачылык иштери аткарылуучу ателье, чач тарач. 2. Автобустун, троллейбустун, самолёттун ж.б. жүргүнчүлөр отуруучу бөлүгү.

**САЛООМАЛЕЙКИМ** Учурашууда айтылуучу сөз.

**САЛООТ** Намаз, кудайга кулдук кылуу.

**САЛООТУ** Өлүккө окулуучу намаз.

**САЛП: салп-салп этүү** 1. Саландап, ары-бери салпандап туруу. 2. Тың эмес, бош, эби жок кыймыл-аракетте болуу. *Салп-салп этип желүү.*

**САЛПАЙ** Бош, шалакы, жыйынтыгы жок көрүнүштө болуу. *Салпайып эле басып жүрөт. Салпайып үчкашып алыптыр.*

**САЛПАЙТ салпай** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛПАКТА салпаңда** менен бирдей.

**САЛПАҢДА** 1. Саландап туруу, салбырап, ары-бери салпылдап кыймылдоо. 2. Эбисыны жок, олдоксон кыймылда болуу. *Салпаңдап айылды көздөй жүрүп калдык.*

**САЛПАҢДАТ салпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**САЛПАҢДОО салпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛПАЮУ салпай** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛПАЯК** Жарамсыз, киши сыягы жок.

**САЛПЫЛДА салпаңда** менен бирдей.

**САЛПЫЛДАК** Колунан иш келбеген, салпактап айылчылап жүргөндү жакшы көргөн. *Айылдан бычмачы издесең салпылдак аталып кетесиң.*

**САЛТ I** 1. Коомдук, традициялык көрүнүштөгү, жалпы элдик мүнөзгө ээ, каада; традиция. *Улуттук салт. Байыркы салтын таштап, Маданий жолго кириштп* (Осмонкул). 2. Белгилүү бир нерсенин жөнү, эрежеси, шарты. *Адашпай түшөр бекемин Акындыктын салтына?* (Токтогул). *Оюн салты андай болбойт го?* (Сыдыкбеков). *Адашсаң мыйзам салтынан, Адамдар тартса азапты* (Байгазиев). *Жоготуунун үстүндө шапар тепкен, Салтыңбы, о прогресс? Угуп турчу* (Байгазиев).

**САЛТ II** Жүгү жок, жүксүз. *Салт атчан. Үйгө бара кетейин деп жолдон салт арабамды кайрыдым* (Айтматов).

**САЛТАНАТ** 1. Кандайдыр бир чоң окуяга, белгилүү датага арналган майрам, кубанычтуу шаттык. *Майрамдык салтанат. Юбилейлик салтанат. Жеңиш күнгө салтанат! Жеңгендерге салтанат!* (Осмонов). 2. Бир нерсенин ийгилиги, жеңиштүү натыйжасы, кубанычтуу жетишкендик. *Эмгектин салтанаты. Салганың тайган, куш эле, Салтанатың ушу эле* (Казыбек). 3. Шаани, даңаза. *Бизди салтанат менен тосуп алышты. Салтанат менен жөнөтүү.* 4. Бийлик кылуу, акимдик кылуу, эл бийлөөнүн даңазалуу шаан-шөкөтү. *Сары казы, кыйма жал, Салтанатын карап ал* («Манас»). *Кернайлардын, дабылдардын тынымсыз дүңгүрөшү, кан көксөгөн салтанаттын муздак сүрү жүрөк үшүттү* (Касымбеков).

**САЛТАНАТТА** Салтанаттуу кылуу, шаанилөө, бир нерсени шаан-шөөкөт, даңаза, оюн-тамаша менен өткөрүү.

**САЛТАНАТТОО салтанатта** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛТАНАТТУУ** Салтанат менен өткөрүлүүчү, шаңдуу, даңазалуу. *Майрамга арналган салтанаттуу жыйналыш. Кыргыз тилинин Мамлекеттик тил аталышынын жыйырма жылдыгы салтанаттуу белгиленди. Советтик Гимн ойнолуп, Салтанаттуу той болуп, Сайранга мекен толгон күн* (Нуркамал).

**САЛУУ I: оозунун салуусу бар** Тамак-ашка туш келген, даам буюрган кишилерге карата айтылуучу сөз. *Бакас дос, оозуңдун салуусу бар экен ээ* (Бейшеналиев).

**САЛУУ II сал** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛФЕТКА** Бети-колду сүртүү үчүн кездемеден же кагаздан жасалган кичинекей майлык.

**САЛЫ СУУГА КЕТКЕНДЕЙ** Ындыны өчүп, маанайы пас абалда болуу, көңүлү чөккөндөй, үмүтү үзүлгөндөй. *Дилде окууга өтүп, шаарга кеткенден бери Өскөндүн салы сууга кеткендей тунжурап жүрдү* («Ала-Тоо»).

**САЛЫК I** 1. Жеке адамдардан жана өндүрүш ишканаларынан милдеттүү түрдө алынуучу мамлекеттик алым. *Кечээ түшкөн Азимкан Салыгын кандай салчу эле?* (Токтогул). *Төлөй албай салыктарын Жашынганбыз куугундан* (Токомбаев). 2. Ар кандай буюм-теримдин, мүлктүн катып же бир жакка салып коюуга ылайыкталган таңгагы, катып же бир жакка салып коюла турган буюм-терим, мүлк. *Бай салык салса, кедей чарык салат* (макал). *Канча төөгө жүк артып, Көрүнбөс салык үп артып* («Олжобай менен Кишимжан»).

**САЛЫК II** Саландап түшүп турган, ылдый түшүп турган. *Карды салык. Салык жүктө. Ийни салык, өзү зор* («Сейтек»).

**САЛЫКЧЫ** Бирөөлөрдөн акча ж.б. талап кылган адам.

**САЛЫМ** 1. Бир нерсени өнүктүрүү, көбөйтүү үчүн болгон кошумча. *Илимге жасалган чоң салым.* 2. Өлчөм, бир же бир нече ирет салынгыдай өлчөм. *Бир салым эт. Бир-эки салымдай эт ала кел. Бир салым чай. Эки салым төшөгүнөн башка үйүндө көз токтотоор буюму жок.*

**САЛЫН сал** этишинин өздүк мамилеси.

**САЛЫНДЫ салбар** менен бирдей.

**САЛЫНУУ** Салынган.

**САЛЫНУУ КАШЫК** Мурунтадан келе жаткан алыш-бериш. *Тууган кишиники салынуу кашык да.*

**САЛЫҢКЫ** Көңүлсүз, суз, бүркөө (адамдын көңүлүнө, кабагына карата).

**САЛЫТ** Колуктунун атасынын күйөө баланын туугандарына калыңдан тышкары салган салыгы. Адатта мыкты чыгаан күлүк, жорго атты талап кылган. *Эр Толтойдун Суркоён, Салыт атка беремин* («Семетей» С.К.).

**САЛЫШ сал** этишинин кош мамилеси.

**САЛЫШТЫР** 1. Эки нерсенин ортосундагы айырмаларын, мүнөздүү белгилерин, кайсынысы кандай экенин ж.б. аныктоо, көрсөтүү. *Тумшуктун тескей бети наркы күңгөйүнө салыштырганда таптакыр жаңы жер* (Сыдыкбеков). *Салыштырам кыргыз менен башка элди, Кимиси бар – Айтматовго тең келди* (Акматалиев). 2. Жарыштырып сынап көрүү (мис. жоргону). *Маектешип межирелер сүйлөшүп, Кээде жорго салыштыра кетебиз* (Токомбаев).

**САЛЫШТЫРМА** Салыштырууга негизделген, салыштырыла турган. *Салыштырма усул. Салыштырма грамматика.*

**САЛЫШТЫРУУ салыштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**САЛЫШТЫРЫЛ салыштыр** этишинин туюк мамилеси.

**САЛЬДО** Киреше менен чыгымдын ортосундагы айырма, калдык.

**САЛЮТ I** 1. Мылтыктан, артиллериядан ок чыгаруу, ракета атуу же желекти түшүрүү, көтөрүү ж.б. аркылуу берилген аскердик куттуктоо салтанаты же бирөөнү урматтагандыкты ушундай жолдор менен билдирүү. *Салют берип Москва, Кубанычын билдирет* (Нуркамал). *Жер жарып күркүрөгөн салют шаңын, Элимдин кубаты деп сезди каным* (Абдыраманов). 2. Белгилүү күндөрдө, майрамдарда салтанаттуулукту арттыруу үчүн атылып, жардырылуучу нерсе. *Жаңы жыл тоскон жаш балдар түнү бою салют атып чыгышты.*

**САМА** Абдан каалоо, эңсөө, тилөө. *Самаган кыргыз элимди, Сагынам көзүм төрт болуп* (Токтогул). *Самаган ойго тез жеткен, Замандын гүлү бөбөк сен* (Нуркамал). *Самагандын баарысын, Алдыма келип туш кылды* (Калмырза). *Самаганың алуучу, Сарткечүү калды базарың* (Казыбек).

**САМАН** 1. Дан эгиндеринин данын алгандан кийинки калган кургак сабагы. *Сапырган эгин үйүлсүн, Саман-топон жыйылсын* (Осмонкул). 2. *өт.* Абдан көп, мол. *Акча деген саман.*

**САМАНДАЙ САПЫРУУ** Баш аламан кылып чачуу, чаңдатуу, чакчелекей кылуу. *Үйдүн ичин самандай сапырышты.*

**САМАНДАН САРЫ** Бир нерседен катуу корккон, кыйналган, өң алеттен кеткен абалды сүрөттөөдө колдонулат. *Кечээ эле жайнаган, жаркылдап таалай күткөн Алтынай бүгүн самандан сары, ийни менен дем алып араң жатат* (Жантөшев).

**САМАНКАНА** Чөп, саман сакталуучу сарай. *Чайрекерлер бүткүл үй-бүлөлөрү менен байлардын атканасынан, саманканасынан чыкпай керээли-кечке иштешет* (Абдукаримов).

**САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ** *астр.* Жылдыздуу асманды чоң тегерек боюнча кесип өтүп, түндүк учу Вероника түктөрү топ жылдызында жайгашкан агыш күңүрт тилке.

**САМАР** 1. Жемиш. 2. Пайда, натыйжа, ийгилик. 3. Энчилүү ат.

**САМАТ сама** этишинин аркылуу мамилеси.

**САМБАЛ** Эки адамга ылайыкталган эки жагында кармагычы бар ташыгыч, топурак, таш ж.б. салып көтөргүч. *Самбалдап топурагын алып турат, Которуп арабага салып турат* (Барпы). *Көтөрдүм темир самбалын, Көрө албай элди зарладым* (Токтогул).

**САМБИ** Кызыл тал, бутактары салбырап турган тал. *Агып жаткан кашка суу, үстүнө салаңдап, шарга чарпылып, желсиз күнүтүнү термелип турган кызыл жалбырак самби тал элестеди* (Касымбеков).

**САММИТ** Мамлекет, өкмөт башчыларынын жолугушуусу, сүйлөшүүсү.

**САМОЛЁТ** Кыймылдаткычтын жардамы аркылуу абада учуучу аппарат, учак. *Жүргүнчү самолёту. Реактивдик самолёт.*

**САМОО сама** этишинин кыймыл атоочу.

**САМООР** Ортосунда от жагылуучу кубуру бар, суу кайнатылуучу чорголуу темир идиш.

**САМООРЧУ** Самоор кайнатуучу адам.

**САМОСВАЛ** Жүгүн механизмдин жардамы менен өзү көнтөрүп түшүрүүчү автомобиль.

**САМПАР** *диал.* Лапылдап эрий жааган кар, сары кар, көбүк кар. *Чаар асмандан кар сампарлап, аттардын ысык сооруларына түшөрү менен эрип атты, тер кошулган сары суук аяк астына сарыгып жатты* (Айтматов). *Күзүндө жаап, жаз*

*кеткен Көбуктүү сампар кар белең* (Акиев).

**САМПАРЛА** Кардын лапылдап жаашы.

**САМСА** Камырдын ичине эт, пияз салып, дандырга бышыра турган тамак.

**САМСААЛА** 1. Салбырап, салаңдап ылдый түшүп туруу. *Эки өрүм кара чачы көлөкөдө өскөн кайыңдын шагындай самсаалап, толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). *Кара булут самсаалап, батыш, чыгыш түнөрдү* (Сыдыкбеков). 2. Дал-дал болуп жыртылуу, эскирүү. *Кийимдери самсаалаган, ач, арыктап жүдөгөн* (Сасыкбаев).

**САМСААЛАТ самсаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**САМСААЛОО самсаала** этишинин кыймыл атоочу.

**САМСЫ** Тынымсыз чубашуу. *Ушу жолдон самсып эле киши үзүлбөйт. Аркасында самсып көп эл бара жатты.*

**САМСЫТ самсы** этишинин аркылуу мамилеси.

**САМТЫР** Жыртылган, тытылган, тамтыгы жок. *Үстү-башы самтыр.*

**САМТЫРА** Тамтыгы кетип тытылуу, жыртылуу. *Үстүндөгү кийгени, Үшүрү жок самтырап* (Токтогул). *Асан карыянын үйүнүн үзүк, туурдуктары түлөгөн төөнүн жүнүндөй самтырайт* (Токомбаев).

**САМТЫРАТ самтыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**САМТЫРОО самтыра** этишинин кыймыл атоочу.

**САМЫН** Кирди жууп чыгаруу үчүн колдонулуучу май жана жегич щелочтордон жасалган катуу же суюк масса. *Кир самын. Бет жууй турган самын.*

**САМЫН ТАШ** Суу астындагы балыр каптап калган жылмакай тайгалак таш. *Самын таштан ат мүргүп* («Эр Табылды»).

**САМЫН ЧӨП** Сууга эзгенде көбүрүүчү чөптүн түрү.

**САМЫНДА** Самын сүртүү, самын сүйкөө. *Таза жууган самындап, Кирдей кылды эркиндик* (Тоголок Молдо).

**САМЫНДОО самында** этишинин кыймыл атоочу.

**САМЫНЧЫ** Самын өндүрүшүндө иштөөчү киши.

**САМЫРДАЙ КАКШАП** Көп сүйлөө, баса сүйлөп, сөзүн жан талаша далилдөө.

**САН I** Буттун жамбаштан тизеге чейинки бөлүгү. *Буттарың буура санындай, Мурдагы жаштык барында, Булкушар балбан табылбай* (Токтогул). *Адылдын бели көтөрүлбөй, эки жоон сандын териси тызтыз ооруду* (Сыдыкбеков).

**САН II** 1. Эсеп ишин жүргүзүүгө, бир нерсенин эсебин, канча экенин көрсөтүүгө колдонулган түшүнүк. *Бүтүн сан. Так сан. Жуп сан. Бөлчөктүк сан.* 2. Газета, журналдын улам чыгып турган белгилүү кезеги, номерлери. 3. *грам.* Көптүктү же жекеликти билдирүүчү морфологиялык каражаттар менен берилген грамматикалык категория. *Жекелик сан. Көптүк сан.* 4. Өтө көп, эсеп жеткис. *Алдына сан жылкыны айдаган кең талы, узун бойлуу жылкычы* («Жаш ленинчи»). *Сан гүлдөн башы адашты* (Сыдыкбеков). *Жалгызы санга тийгендей* («Манас» С.О.). 5. *өт.* Адам катары, барктуулук эсеби. *Санда жок бечера. Кейитермин жаныңды, кетирермин саныңды* (фольк.).

**САН III: сан-сан болуу** Бөлөк-бөлөк болуп жыртылуу же тигишинен сөгүлүп кетүү. *Көк дүрүйө көйнөгү, Сан-сан болуп бөлүнүп* («Эр Төштүк»).

**САН АТООЧ** Заттардын санын, иретин көрсөтүүчү сөз түркүмү.

**САН ЖЕТКИС** Өтө көп, эсеп жеткис. *Арсак тоолор көктү көздөй чалкалап, сан жеткис жылдыздар жымыңдайт* (Сасыкбаев). *Көз жетпеген өрдөштө Сан жетпеген мал жатат* (Осмонов).

**САН СААТ** Эң көп.

**САНА I** Эсептөө, бир нерсенин эсебин чыгаруу; сандарды көбөйүү жагын көздөй катары менен атоо. *Мал сана. Акча сана. Онго чейин сана. Жүзгө чейин сана. Санап туруп малды алып, Салынуу сарай тамды алып* (Казыбек).

**САНА II** 1. Ойлоо, ниет кылуу. *Жетилсин деп жардыны Санабадың, беш каман* (Токтогул). *Уйпалаган кедейди, Убалы бар деп санабай* (Тоголок Молдо). *Атаң өлсө, мени атаңдай санагын, Уул болгун, өз уулумдай, карагым!* (Баласагын). *Атуулуңду пешка сындуу санаган, Арыласың качан ушул адаттан?* (Байгазиев). 2. Эстөө, эсине алып кусалануу, сагынуу. *Жүрөгү сыздап токтонбой, Ошо Канышайды санаса* («Курманбек»). *Төрт баладай Шайымбет, Жалгызын санап дегдеди* («Эр Табылды»). *Жалдыратам көзүмдү Жатсам, турсам көп санап* (Токтогул). 3. Эсептөө. *Көркөм сөздү ок катары карайбыз, Күчтүү сөздү мыкты курал санайбыз* (Турусбеков).

**САНАА** 1. Ой, тилек, пикир. *Жакшы адамдын санаасы, Жамандыкка бурулбайт* (Токтогул). *Санаа күлүк, изи жок, Сабылсам элдин иши жок* (Казыбек). *Санаасыз адам гана шамал кууган камгакча жеңил көрүнөт* (Стамов). 2. Капа, кайгы, убайым. *Таза жүрөк каныңды Санаа, дартка жуудуңбу?* (Токтогул). *Санаадан саргарбачы сезимдерим, Сыноого түшүп анча эзилбегин* (Бегимкулова). *Махабатты, маанайы пас күйүттү, Санаа торойт, шайырлыкка умтулам* (Закирова).

**САНААДАР** Санаалуу, кайгылуу, капалуу, убайымдуу, ойлуу. *Салам бердим сагынып, Санаадар жүрөм жабыгып* (Токтогул).

**САНААЛАШ** Пикирдеш, сырдаш; ой-

санаасы бирге, ой-тилеги бир. *Санаалаш тандап жолго алгын: Эми сапарың болсун, аттангын!* («Манас»). *Санаалаш ойноп-күлгөнгө, Санаага түшөт көп пикир* (Казыбек). *Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш, Кыргызстан ыр калаасы, ыракаттын бешиги* (Осмонов).

**САНААЛУУ** Кайгылуу, капалуу, санаа тарткан абалда. *Суктанган жандай тигилип көккө, Санаалуу жатып уктады көптө* (Абдыраманов).

**САНААРКА** Санаа тартуу, санаага түшүү.

**САНААРКАТ санаарка** этишинин аркылуу мамилеси.

**САНААСЫ САНГА БӨЛҮНҮҮ** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө катуу ойлонуу, ойлонуп тынчысыздана берүү. *Бул эмине болду деп, санаасы санга бөлүндү* (фольк).

**САНААСЫЗ** Санаасы жок, кайгысы жок.

**САНААЧЫЛ** Санааркаган, убайым тартып капалана берген адам.

**САНАК** Эсеп (көбүнчө малдын эсеби). *Кой санак. Санактан өткөрүү.*

**САНАКЧЫ** Санак жүргүзүүчү, эсепчи. *Санакчы келет эшиктен, Шарк этип кулпу ачылып* (Казыбек).

**САНАЛ сана** этишинин туюк мамилеси.

**САНАМ** Кооз сайманын бир түрү, ошондой сайма менен коолдолгон буюм. *Санам менен дүрүйө, Сан жыйылган дүнүйө. Бейкасамдан беш жүзү, Бир бирине окшобойт* («Манас»).

**САНАТ I** 1. Үлгү болорлук, сабак болорлук насыят сөз. *Улуу адамдардын санат сөздөрү. Жыйындын ортосунда мени баалап, Ыр менен нечен түркүн айтты санат* (Барпы). 2. *адаб.* Уйкашкан бир нече учкул сөздөн турган үлгү, насыят маанисинде айтылган ыр. *Айталбаган сөз үчүн оозуңду бекер ачпагын. Мактанганга март болуп, Оокатыңды чачпагын* (Токтогул). 3. Шаани, шаан-шөкөт. *Кан Көкөтөй ашынан Артык кылам санатын* («Манас»). 4. Жаза, бирөөгө көрсөтөр кордук. *Кылбаган санатты кылдыңар. Сага көрсөтөр санат башка эле, тарткылыгың жок экен* («Чалкан»).

**САНАТ II** Эсеп, бир нерсенин жалпы саны; санак. *Айшанын санаты Алты миң түтүн жана бар* («Эр Төштүк»). *Аманы канча калды деп, Санатын менден сурадың* (Токтогул). *Малды санаттан өткөрүү.*

**САНАТ III сана** этишинин аркылуу мамилеси.

**САНАТОРИЙ** Дарылоо жана дем алуу үчүн уюштурулган атайын мекеме. *Туберкулёздук санаторий. Жамалбек өткөн жылы Чолпон-Ата санаторийине барып келген* (Каимов).

**САНАТОРИЯ санаторий** менен бирдей.

**САНАТТУУ** Сөөлөттүү.

**САНАТЧЫ** Санак санаган адам.

**САНАЦИЯ** *экон.* Мамлекет же башка менчик ээлери тарабынан – ишканалардын финансылык абалын жакшыртуу боюнча, банктарды банкротко учуратпоонун алдын алуу же атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча жүргүзүлүүчү иш-чаралардын системасы.

**САНАШ сана** этишинин кош мамилеси.

**САНГВИНИК** Шамдагай, жүүнү тирүү, көңүлү куунак адам.

**САНГИ** Каардуу, күчтүү адам. *Сен түгүл мунарадай санги келген, Келгендин балбансынып баарын жеңген* («Эл адабияты»).

**САНГИНА** 1. Кочкул-кызыл түстөгү алкаксыз жумшак калем. 2. Ошондой калем менен тартылган сүрөт.

**САНДА ЖОК** Катарга кошулбаган, эсепке кирбеген, баасы, баркы жок. *Тирүү десе – санда жок, өлүү десе – көрдө жок* (фольк.).

**САНДА** Көп санда болуу, көп болуу. *Сандап жаткан сан кара, Дүнүйөм жолдош болдубу?* («Эр Төштүк»). *Колоттон сандап суу жүрүп, Жайкы мезгил болгондо* («Сейтек»). *Сандаган калың эл.*

**САНДАЛ I** 1. Түштүк өлкөлөрдө өсүүчү жыттуу сөңгөктүү бак. 2. Ушул бактын сөңгөгүнөн жана кээ бир бактардан алынуучу боёк. 3. Көбүнчө такасыз тигилген жеңил, жайкы бут кийим.

**САНДАЛ II** *эск.* Үйдүн (боз үйдүн) ичин жылытуу жана жылынуу үчүн жасалган очок. *Бай ушундай деп айтты да, бутун ичкерилетип, сандалга өбөктөдү. Жасанжан сандал үстүнө тасторконду жайып, колго суу берди* (Абдукаримов). *Атам, апамдар менен ал сандалда отурганым кыш эле да ага деп атайылап чай кайнатканым...* (Мавлянов). *Капшыт жакка сандал салып коюптур, Оору-соону ылгамакпы кыш айы* (Байзаков).

**САНДАЛ III** *диал.* **самбал** менен бирдей.

**САНДАЛ IV** Тентирөө, курулай убара тартуу. *Сандалып бекер жүрүү. Жөө бастым сандалып, Ат жетпеген жолуна* (Токтогул).

**САНДАЛИ** *диал.* Отургуч, күрсү, отурууга ылайыкталган нерсе.

**САНДАЛТ сандал** этишинин аркылуу мамилеси.

**САНДАЛУУ сандал** этишинин кыймыл атоочу.

**САНДАТ санда** этишинин аркылуу мамилеси. *Сандатып турдуу жылкыны, айдабай турган жер бекен?* (фольк.).

**САНДИ** Алтындуу жип жүгүртүлгөн жибек кездеме, тукаба. *Санди бешмант кийген, кара көз, кара каш татына кызды отургузуп коюшту* (Абакиров).

**САНДУГАЧ** Булбул, сайроочу кучкач. *Муса менен Калмурат, Ырдаса булар сандугач* (Тоголок Молдо). *Күздүн бул сандугачы (сутак) бирде көңүлү эргип көтөрүңкү, шаңдуу, мукамдуу үнгө салды* (Касымбеков).

**САНДЫК** Кийим-кече, буюм салууга ылайыкталып, көбүнчө кооздолуп жасалган, кулпуланып бекитме үкөк. *Динар орундукту таштап, төрдөгү килемче жабылган чоң сандыкка чалкалап олтурду* (Сыдыкбеков). *Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар* (макал).

**САНДЫКЧА** 1. Кичине үкөк. 2. Үкөк сыяктуу.

**САНДЫРАК** Баш-аягы жок, түшүнүксүз, дайынсыз; келжирек, тантырак. *Сандырак кеп. Кеп билбеген сандырак.*

**САНДЫРАКТА** 1. Алы, күчү кетип, жыгылчудай болуп темтендеп басуу. *Сандырактап баса албай калуу. Шайым ооп, сандырактап карыш жерге баса албадым* («Ала-Тоо»). *Бүркөлүп Мүзүретбек сандырактап, Отурду чатырчадан алысоолак* (Абдыраманов). 2. Дайынсыз, баш-аягы жок сүйлөй берүү, келжирөө, тантыроо. *Оозуна келгенин сандырактай берет. Сандырактабай отур.*

**САНДЫРАКТАТ сандыракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САНДЫРАКТОО сандыракта** этишинин кыймыл атоочу.

**САНДЫРГАЛУУ** 1. Келишимдүү, келишкен, кооз, салтанаттуу, сүрдүү. 2. *өт.* Белгилүү, даңктуу, атактуу, даражалуу, кээде баатыр маанисинде да айтыла берет. *Сандыргалуу Манастын, Баргөйүнө барганы* («Манас» С.О.). *Салмагың оор зар, Сандыргалуу жан элең* (Казыбек).

**САНЖАП** 1. Кооздук, сайма, чачы, жээк. 2. Тартип, ирет, бир нерсенин орун алып туруунун тартиби. *Өткөндөн аңгемелейт кээде баштап, сөз кени оргуй берет санжепсанжап.* 3. Ирет, кынап, кастар. *Сарайды санжап кылдырып, Санаасын кашкөй тындырып* («Манас»). *Ала-Тоонун убагы, Төрт мезгилге бөлүнөт. Санжап менен жазылып, Ирет менен келинет* (Эл ырлары).

**САНЖАПТУУ** Ирети менен, ireттүү. *Санжаптуу жарак байланып, Сакалы белден сеңселип* («Эл адабияты»).

**САНЖЫРА** Уруу, уруктардын, элдин келип чыгышы, таралышы, бөлүнүшү, тарыхы жөнүндө маалымат берген баян.

**САНЖЫРАЧЫ** Санжыра айткан киши.

**САНЖЫРГА** 1. *эск.* Көчкөндө көч жүктөлгөн унааларга жасалуучу жасалга. 2. Кыраан куштун бутуна тагылуучу боо. 3. **санжыра** менен бирдей.

**САНЖЫРГАЛУУ** 1. Санжыргасы бар, кооздолгон. *Санжыргалуу көч. Санжыргалуу унаа.* 2. Бутуна санжырга боо тагылган (кыраан куш жөнүндө). 3. Мансаптуу, беделдүү, кадыр-барктуу. *Санжыргалуу Канчоро* («Сейтек»). *Санжыргалуу селкилер* (Маликов).

**САНИТАР** Ооруларды тейлөөчү жана оорукана тазалыгын сактоочу кенже медициналык кызматчы. *Чакырып Кубат тездеп санитарды, Тапшырды жандай сүйгөн командирин* (Үмөталиев).

**САНИТАРИЯ** Коомдук тазалыкты, гигиенаны, коомдун саламаттыгын сактоо максатын көздөгөн ар кандай чаралардын, иштердин жалпы системасы.

**САНКЦИЯ** *экон.* Келишим-шартты, келишимдик же башка милдеттенмелерди, нормаларды, эрежелерди бузуучуларга каршы укук нормаларынын чегинде колдонулуучу чаралар.

**САНОО сана** этишинин кыймыл атоочу.

**САНСКРИТ** Биздин замандан мурдагы VI кылымдан баштап түзүлө баштаган байыркы индиялык адабий тил.

**САНСКРИТОЛОГИЯ** Санскрит тилин изилдөөчү илим.

**САНСЫ** Өтө көп санда болуу, көбөйүп кетүү. *Сансыган кой. Күн батыш жагы Ымалай, Сансып келген көп кошун Саңыроонун сазынан* («Манас»).

**САНСЫЗ** Эсеп жеткис, сан жеткис көп. *Калың дүйнө сансыз мал, Көкөтөйгө сайды деп, Жолой угуп калыптыр* («Эр Төштүк»).

**САНТА-КЛАУС** Кээ бир өлкөлөрдө жаңы жылда, жаңы жылдык майрамдарда катышкан салттуу каарман

**САНТАЛАК** 1. Катыны талак. 2. Оңбогур. Шүмшүк. *Кызы талак, санталак, Кайдан келдиң анталап* (Эл ырлары).

**САНТАШ** *диал.* Көлдүн түп жагынан башталган шамалдын аты. *Санташ сокту эле дейсиң, кайыгып кала жаздадык.*

**САНТЕХНИК** Суу түтүкчө жана канализацияларды техникалык жактан иштетүүчү, монтаждоочу жумушчу.

**САНТИМЕТР** 1. Метрдин жүздөн бир бөлүгүнө туура келген узундук чен. 2. Бетине ушундай чен бөлүктөрү түшүрүлгөн жана узундукту, бийиктикти ченөө үчүн колдонулуучу сызгыч, лента.

**САНУЗЕЛ** Санитардык түйүн.

**САНЫН ЧАБУУ** Бир нерсеге аябай өкүнүп калуу, кейүү. *Итике санын чаап, кейиген кишисинди* (Убукеев). *– О, кокуй, десе! – деди Тойчубек санын чаап* (Баялинов).

**САҢГИ** *диал.* 1. Таш, таштан жасалган. 2. Көрдүн үстүнө коюлган таш. *Саңги – моло.*

**САҢГИЛ** 1. *диал.* Бийик. *О тоо, бу тоо, ортосунда саңгил тоо* (Тараза). 2. Салмактуу, оор, олчойгон. *Саңгил, саңгил, саңгил таш* (Эл ырлары).

**САҢГЫЛ** *туурасы:* **саңгил.**

**САҢЗА** Селде нан.

**САҢООР** Канаттуулардын буту менен куйругунун арасындагы жумшак жүн. *Саңоорлору сары алтын* («Манас» С.О.). *Пейли жакшы эң жумшак, Шумкардын саңоор жүнүндөй.*

**САҢСА** Кызылча отоо, суюлтуу үчүн колдонула турган калак.

**САҢСАҢ** Көрпөдөн өтүп кеткен күрпөн, козунун териси. *Саңсаң жакалуу ичик. Кара саңсаң көлдөлөң.*

**САП I** 1. Өңчөй, бүтүндөй деген мааниде. *Сап жаракчан миң киши, салып кетип баратса* («Эл адабияты»). 2. Таза, нукура. *Сары талдан сайдырган, Талым калды Бээжинде. Сап алтындан курдурган, Тагым калды Бээжинде* («Манас»).

**САП II** Бычак, балта, күрөк сыяктуу куралдардын туткасы. *Жоголгон бычактын сабы алтын* (макал). *Балтанын сабы. Камчынын сабы.* 2. Жокчулук, кедейчилик. *Санаа эрди саргайтат, Сап жигитти муңайтат* («Эл адабияты»). 3. *диал.* Жылкынын бутуна чыгуучу жаранын бир түрү. *Жылкынын буту сап болгондо жаранын түбүндөгү жүндү кыркып, жараны жарып көк таш салат.* 4. Катар, кырка тизмек, бир нерсенин кырка катары. *Жапар сапка тизилип турган балдарга бастырып келди* (Баялинов). *Кызылча сап кууп отолот* («Жаш ленинчи»). *Ыр саптары.*

**САП III** Шамал болгондо аны бастатуу иретинде айтылуучу сөз. *Түндүк боону кармап алып, сап-сап дей берет.*

**САП БОЛУУ** 1. Түгөнүү, аягына чыгуу, такыр жок болуу, орду-түбү менен жок болуу, жер менен жексен болуу, түбү менен кыйроо, такыр соолуу. *Ар акылым сап болду, Башкасын балам өзүң бил* (Урмамбетов). *Кыялданып бастырып Кырчын жашым сап болду* (Осмонкул). 2. Өлүү, өлтүрүү маанилеринде да айтыла берет. *Сап болуп эли калды – деп* («Манас» С.О.). *Малды жакшы бакпаса, Ушуну менен сап болот* (Тоголок Молдо).

**САП КАРМОО** Уккан-көргөнүн же кандайдыр бир себепти бетине кармоо, ошого бекем таянып алуу. *Менин баягы айтканымды сап кармап алыптыр.*

**САП КЫЛУУ** Кыйратуу, жоготуу, өлтүрүү, биротоло жоюп таштоо. *Башынан кас куу булут, Баарыңды акыр сап кылат* (Үсөнбаев). *Алдыңа келген адамды Күнөөсүнөн сап кылдың* (Токтогул).

**САПАЛ** 1. Асанкайгычыл адам, көңүлү чөгөт, көп кайгырган адам, басмырт. *Санаасы кыска сапал көп* («Манас» С.О.). *Жалгыз перзент маңдайыма кармаган, Тапканымдын барын ага арнагам. Картайганда кыйын экен кайгы оту – Санаам сапал кырсык тооруйт сандаган* (Байзаков).

**САПАН** 1. Ар тарапка кубалоо, таратуу. 2. Бир нерсени аягын таппай калганга чейин чачыратып жиберүү. *Башын бапан, аягын сапан кыл.*

**САПАР** Жол, саякат. *Алыска сапар жол жүрсөң, Асемдүү жолго ат жакшы* (Тоголок Молдо). *Алты ай сапар жол жүрүп, Арыпачып мол жүрүп* (Калмырза). *Чоро Сапарынын узактыгын ойлоп, жол азык алмак болду* (Каимов). *Арууке сапар тилегендей алардан көзүн албайт* (Стамов).

**САПАР ТАРТУУ** *же* **сапар чегүү** Жолго чыгуу, жол жүрүү.

**САПАРЛА** Жолго чыгуу, жолоочулоо. *Эсепсиз алыс сапарлап, Көп жыл тынбай жол бастым* (Элебаев).

**САПАРЫ КАРУУ** Сапарда болуу мезгили аяктап калуу, кайра кетүү мөөнөтү жетүү. *Сапарым карыды, эртең үйүмө кетем, – деди* (Абдукаримов).

**САПАТ** Бир нерсенин жакшы жагын, артыкчылыгын, керектүүлүгүн, коюлган талапка жооп бере ала тургандыгын көрсөткөн касиет. *Салтанаты келишкен, Сапатын уксам имиштен* (Казыбек). *Сапат үчүн күрөш. Эң жакшы сапатта иштөөчү бригада. Жеңилдик биздин кишилердин сапаты эмес* (Сыдыкбеков). *Калп айтуу, өжөрлүгүң жана оройлук, Жамандарга тийиштүү сапат топук. Мээрман бир адамдын айтканын ук, Сапаттын эң кымбаты – мээрмандык* (Баласагын).

**САПАТСЫЗ** Сапаттуу эмес, начар.

**САПАТСЫЗДЫК** Сапаты жоктук, начарлык, сапаттуу боло албагандык.

**САПАТТУУ** Сапаты жакшы, мыкты.

**САПАТТУУЛУК** Сапаты жакшы же сапаты жогору болгондук, сапаттуу экендик. *Жогорку сапаттуулук. Сапаттуулук үчүн күрөшүү.*

**САПЁР** *сог.* Инженердик войсколордун, согуштук курулуш иштери боюнча бөлүктөрдүн кызматкери.

**САПСАГАЙ** Сапсагай, иретсиз, үрпөйгөн чач, жүн ж.б.

**САПСАЙ** Апсаюу, апсайган көрүнүштө болуу. *Сакал басып сапсайып Өткөрдүкпү жаштыкты* (Токтогул).

**САПСАЙТ** **сапсай** этишинин аркылуу мамилеси.

**САПСАЛГА** 1. Кыскыч, кыстыргыч, атты быча турган жаак жыгач. 2. Монголдордо: адамды жазалай турган курал.

**САПСАЛГАЛА** Бычуу. *Акеркечти алам деп, Жайы келсе, Көкчөнү, Сапсалгалап салам деп, Көгала атты минем деп* («Манас»).

**САПСАҢДА** Апсаңда, апсаңдаган көрүнүштө болуу.

**САПСАҢДАТ** **сапсаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**САПСАЮУ** **сапсай** этишинин кыймыл атоочу.

**САПТА** Куралга (мис. балтага, кетменге ж.б.) сап жасап аштоо, саптуу кылуу. 2. Ийнеге, теменеге учук киргизүү, учуктоо.

**САПТАТ** **сапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**САПТОО** **сапта** этишинин кыймыл атоочу.

**САПТУУ** Сабы бар, сапталган. *Саптуу кетмен. Мүйүз саптуу бычак.*

**САПФИР** Корунд минералынын көк жашыл түстөгү түрү, асыл таш.

**САПЫР** 1. Суюк нерсени суутуу же аралаштыруу үчүн сузуп алып кайра чубуртуп куюп туруу. *Кымызды сапыр. Сорпону сапыр. 2.* Желге салып данды топон-чардан тазалоо. *Айдат, айдат, айдат шамал сок ылдам, Айдат шамал кызыл буудай сапырам* (Осмонов). *Асманга шилтеп кызылын Абамдар кырман сапырды* (Мидин). 3. Чачуу, тозондотуу, чандатуу. *Үй ичин уч сапырып чатакты баштады го* (Сыдыкбеков). *Чаңды көккө сапырып, Ат коюп кирди жапырып* (Үмөталиев). *Ызылдаган шамал жүрүп, Калың карды сапырат* (Осмонкул). 4. *өт.* Ысырап кылып жоготуу, коротуу, курутуу. *Атадан калган бар малын, Сапырып чачып жоготкон* (Тоголок Молдо).

**САПЫРГЫЧ** Эгин сапыруучу машина. *Келин сапыргычка удаа-удаа үч-төрт чака топондуу буудай салды* (Баялинов).

**САПЫРМА** *диал.* Ундан куурубай кызытпай туруп жасалган атала. *Сапырма бар беде, сапсаңдатпай берчи мага?*

**САПЫРТ сапыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**САПЫРУУ сапыр** этишинин кыймыл атоочу. *Кырмандагы буудайды сапыруу үчүн жапырт киришишти.*

**САПЫРЫК** Эгин сапыруу иши. *Сапырыкта иштөө.*

**САПЫРЫЛ сапыр** этишинин туюк мамилеси.

**САПЫРЫШ сапыр** этишинин кош мамилеси.

**САРА** 1. Таза, мыкты, тандамал. *Жер соорусу сара – дейт* («Манас» С.О.). *Болсун үйдүн сарасы* («Манас» С.О.). *Ала-Тоонун арасы Жалпы жердин сарасы. Телегейиң тең экен, Артык жердин сарасы* (Тоголок Молдо). *Эрдигинин чеги жок Кырк чоронун сарасы* («Семетей»). 2. Жер соорусу, суулуу, оттуу жер. *Саржан салып бөлүнүп, Сарасы кетсе жериңдин* (Арстанбек).

**САРАЙ** 1. Падыша жана анын жакындары туруучу ордо. *Падышанын сарайы. Кандын сарайы. Каныкейдин ак сарай, Каалга темир сом калай* («Манас»). *Ак сарайга кирерсиң, Абакта кийин түнөөрсүң* (Байгазиев). 2. Малга, айыл чарба шаймандары үчүн салынган курулуш. *Ат сарай. Үй сарай. Кампада да, сарайда да өчпөс шамдар жанат* (Сыдыкбеков).

**САРАЙБАН** Жүргүнчүлөр токтой турган үй кармоочу адам.

**САРАЙЧА** Кичинекей сарай. *Таштанбек чал сарайчасынын алдына барып жыгач тандады* (Убукеев).

**САРАЙЧЫ** Кербендер токтоочу жердин ээси.

**САРАЛА** Мыктысын, тазасын, жакшысын тандоо, издөө. – *Көңүлүнө кыз толбой Баарын Жакып саралап* («Манас» С.О.).

**САРАМЖАЛ** 1. Тыкан, таза. 2. Кам, бүйрө. *Жез оймок аял өзү эле, Сарамжал менен үй кармап* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Акылдуулук, баамчылдык. *Жакшы экен келин Каныкей, Сарамжалын билгизди* («Манас» С.О.). 4. Жабдуулар, шаймандар; курал-жабдык. *Сарамжалын шайлашып, Орок, чалгы кайрашып, Чөлгө көчүп кетишет* (Тоголок Молдо). 5. Тиричилик түйшүктөрү. *Тышкы сарамжалдары бүткөндөн кийин үйгө кирип, белен тамакка отурушту* (Убукеев).

**САРАМЖАЛДУУ** Сарамжалы бар, камылгалуу, ишине тыкан, жыйнак, камбыл. *Сарамжалдуу жигитке Жандын баары таң калат* (Тоголок Молдо). *Шопок өзүнө тың, сарамжалдуу, оокатка чыйрак, эмгекке камбыл киши болчу* (Бөкөнбаев).

**САРАМЖАЛДУУЛУК** Сарамжалы барлык, камылгалуулук; ишке тыкандык, жыйнактык. *Оокат-тиричиликке сарамжалдуулугу бар адам.*

**САРАНЧЫ** Кичирээк келип, жазгы суукка чыдамы жок болуп, кээде тоңуп кала турган чымчыктын аты. *Саранчы суукка чыдабайт.*

**САРАҢ** Зыкым, дүнүйөгө карoo, колунан эч нерсе чыкпаган. *Айылдаш экен сараң бай, Алыс экен Алаңбай* («Эр Төштүк»). *Бут байлыкты жыйсам дешет сараңдар, Дагы болсо дешип алар жалаңдар* (Баласагын). *Сараңга өмүрүңдө кызмат кылба, Уятка чөмүлөсүң, таппай арга* (Баласагын). *Кабагын түйгөн сараңдын Үйүнө барып жатпагын* (Осмонкул).

**САРАҢДАН** Сараңдык кылуу, зыкымдануу.

**САРАҢДАНУУ сараңдан** этишинин кыймыл атоочу.

**САРАҢДЫК** Зыкымдык, сараң экендик, март эместик. *Атакебиз Элеман Малга карoo бай экен, Сараңдыгы атамдын Адамдан өзгө бар экен* («Эр Төштүк»). *Сараңдыгы бийкечтин Эсимден кетпейт тирүүмдө* (Тоголок Молдо).

**САРАП** *диал.* Үстүнө устун же чабактын баштары илингидей кылып дубалдын ички кырына узатасынан коюлган жоон жыгач.

**САРАПЧЫ I** Соот, чарайна. *Саадактарын артынып, Сарапчысын тартынып, Саган кайда аттанды* («Эл адабияты»).

**САРАПЧЫ II** *диал.* Төө кайтарган адам. *Төө баккан сарапчы эле.*

**САРАПЧЫ III** Көз айнек. *Үйдүн кожоюну бийик бойлуу, жээрде сакал, көзүнө айнек сарапчы тартынган орус төрө тосуп алды* (Абакиров). *Сарапчысын тартынып.*

**САРАСАП** *диал.* Байкоо салып көз

чаптыргандык. *Эки жагына жай сарасап салды.*

**САРАТАН** 1. Күн ысый баштаганда учуп чыга турган сары коңуз. *Саратан сайрайт, күн кайнайт, Керимсел толкуп жел* согот (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Күн абыдан ысып турган мезгил – жайдын толугу – жай чилдеси. *Саратан күнгө койдуруп* («Манас» С.О.). *Жайдын саратан күнү* (Сасыкбаев). *Салкындын тиет пайдасы Саратан ысык жай менен* (Токтогул). *Жаккан оттой илеби, Саратан ысык жай ушул* (Казыбек).

**САРАФАН** Аялдардын жеңсиз көйнөгү.

**САРБАЗ** 1. Черүү, солдат, аскер. 2. Кокон кандыгынын убагында – атчан черүү. *Сарбаздар дуулдап алик алышып, сыпаалык үчүн колдору боорунда таазим кылган болушуп калды* (Касымбеков).

**САРБАН** *диал.* 1. Төөчү, төө кайтаруучу. *Төөлөрүн кайтартып сарбандарына чымчылаштырсын* (Абакиров). *Сайдын сары талы бар, Сарбандын катар нары бар* (Эл ырлары). *Калы килем жаптырып, Жүктөтпөдүм ботойду. Сарбандарга бактырып, Чиркетпедим ботойду* (Тоголок Молдо).

**САРБАП** 1. Барча, жибек кездеме. 2. Алтын, күмүш жип аралаштырып токулган кездеме. *Кан Көкөтөй өлгөндө, Замзам менен жуудуруп, Сарбап менен буудуруп* («Манас»).

**САРБАР** *диал.* 1. Башчы, жетекчи, көсөм. 2. Ээ, кожоюн.

**САРГАЙ саргар** менен бирдей.

**САРГАЛДАК I** *диал.* Саргыч гүл ача турган отоо чөптүн бир түрү. *Алды сырга ат саргалдактын арасында жүрөт.*

**САРГАЛДАК II** *диал.* Көбүнчө айыл арасында жашап, кышында жылуу тарапка учуп кетүүчү канаттуунун аты.

**САРГАР** 1. Сары түскө айлануу, саргыч тартуу. *Бак-дарактардын жалбырактары саргарып, бириндеп түшө баштады* (Абдукаримов). *Коноктор бышып саргарып, Орот деп качан жарданып, Бойго жетип турганда, Чымчыктар келет чийне алып* (Осмонов). 2. Убайым, санаа тартып зарыгуу, өңдөн азуу, оорудан ирени саргыч тартып көрүнүү. *Саргарып тамдын түбүндө, Сагындым эле элимди* (Токтогул). *Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң* (макал).

**САРГАРТ I** Сарыбашылдап бетке жана башка чыгуучу жара (көбүнчө балага). *Бетине саргарт түшүптүр.*

**САРГАРТ II саргар** этишинин аркылуу мамилеси.

**САРГАРУУ саргар** этишинин кыймыл атоочу.

**САРГАШКА** *диал.* Бир сомдук сары чолок акча.

**САРГАЮУ саргай** этишинин кыймыл атоочу.

**САРГИЛДЕҢ** 1. Башы маң болуп калган, башы айланып калган, тентиреп калган. 2. Азап чеккен, кайгы баш болуп калган. *Элижурттан ажырап, Саргилдең болуп куурадым* (Эл ырлары).

**САРГЫН** Тоолуу жерде өсүүчү өсүмдүк. *Саргындын өңү саргымтыл болобу, же кандай болот?*

**САРГЫЧ** Анчалык сары эмес, ачык сары түс. *Саргыч түс. Саргыч түстүү жоолук.*

**САРДАЛ** 1. Алп, кайраттуу, баатыр, жетилген балбан. *Сардал боюң көрсөм деп, Сагынып жарын, умсунат* (Эл ырлары). *Журт бийлеген сардалдан, Билеги жоон балбандан* («Манас»). *Сайапа майдам талдайым Сардалдыгың айтайын* («Эл адабияты»). 2. Бойго жеткен, толукшуган (кыздарга карата). *Ак Сардалга жетпеген, Армандуу малдын жоктугу* (Элдик ыр).

**САРДАЛДУУ** Күчкө толгон, кайраттуу. *Сардалдуу жигит болгондо, Кара бир жерде ыпырап* («Эл адабияты»).

**САРДАР** 1. Аскер башы, кошуун башчысы.

**САРДЕК** Сабиз. *Сардектей кой көңдү эки аял шашпай талкалады* (Садыбакасов).

**САРДУБАЛ** Дубалдын устундан жогорку кыры.

**САРЕК** Машак.

**САРЖА** Кийимге ич кылууга колдонулуучу тыгыз согулган жибек кездеме.

**САРЖАН I** *диал.* Колго суу куя турган кичинекей жез чылапчын. *Саржанды алып келип, колго суу куй.*

**САРЖАН II** 1. *эск.* 2.134 метрге барабар узундук чени. *Үйлөрдүн аралыгы он саржандан* (Жантөшев). 2. Жерди, аралыкты ченөө үчүн колдонула турган 2 метр өлчөмүндөгү курал.

**САРЖАНДА** Саржан салып ченөө.

**САРЖАНДОО саржанда** этишинин кыймыл атоочу.

**САРИНЖИ** 1. Алтын жип кошулуп токулган баалуу калың кездеме, же ошол кездемеден тигилген сырт кийим. 2. Кээде сырт кийимдин өзүнчө түрү катары да айтылат (саринжи тон). *Тонуң алтын саринжи* («Манас» С.О.).

**САРКАЗМ** *адаб.* Сатиралык чыгармаларда ар кыл көрүнүштөрдү же адамдардын автордун же каармандардын өтө заардуу тил менен шылдыңга алышы. *Бирөө бар: Кошомат үчүн жанын элеп-желеп, «Чоңдун» тегерегине айланат. Өзүн парвана көпөлөккө теңеп. Өз баласынын оюнчугун – начальниктин баласына жулуп берет* (Алыбаев).

**САРКЕР** *диал.* Башчы, аскер башчы, кошуун башы. Аскер башчысы бар кол маанисинде. *Саркерделүү кол менен* («Манас» С.О.). *Шералынын оң колтугунда Нузуп, сол колтугунда Мусулманкул, артында казыйы, шаардагы аскерлердин саркери*

(Касымбеков). *Жибекти алып жаткан Намазбай саркер* (Жантөшев). *Саркерлерин сап кылып, Таш-Кото- нун талкалап, Качып тоого кан Шоорук Кара жанын калкалап* («Манас»).

**САРКЕЧ** Өзгөчө үлгүгө салынып, белгилүү стилде жасалган буюм, кийим-кече ж.б.

**САРКЕШТЕ** Кештелөө, сайма саюу. *Саркештеп тиккен жоолугуң, Сар санаа кылды жоругуң* (Токтогул).

**САРКОФАГ** Фараондордун сөөгүн коюучу таштан, жыгачтан оюлуп жасалган табыт.

**САРКЫНДЫ** 1. Суюк нерсени идиштен куюп алгандан же төгүп салгандан кийинки калдыгы. 2. *өт.* Өткөндүн, эскинин калдыгы. *Ачуусунун саркындысы калганбы ары-бери басып, көпкө сүйлөндү* («Ала-Тоо»). *Эски дартынын саркындысы окшойт, Эштеңдеп барып өзүнө келди (*«Ала-Тоо»).

**САРКЫТ** Кадыр баркт уу коноктордон кийин калган суусундук, тамактардын калдыктары. Калдык, кешик. *Караталдын саркытын, Калтырып ичин семирдиң* (Калмырза). *Жетелүү шумкар болсом, саркыт койбой жем жебейт* (Калыгул).

**САРМАТ** Б.з.ч. VI–IV кылымдарда жашаган иран тилинде сүйлөгөн көчмөн уруу.

**САРМАШАА** *туурасы:* **сары маша.**

**САРМЕРДЕН** Көңүл ачуу үчүн жыйында (жородо, тойдо) кезектешип ырдай турган күйгөн ырлар. *Жигити дуулап жыргаган, Сармерденин ырдаган* (Тоголок Молдо). *Болуптур, сармерденди өзүм баштайм* (Сыдыкбеков).

**САРНА** *туурасы:* **зарна.**

**САРП** Чыгым, каражат, акча жумшоо. *Көп акча сарп кылып атып, бир жакшы үй салды.*

**САРПАЙ** 1. Сыйлуу адамга (конокко, куда-кудагыйларга ж.б.) кийгизген кийим. *Сарпайдан үч жүз тон болду* («Манас» С.О.). *Тойго келген кудаларга сарпай кийгизишти. Сагызган учпас сап токой, Сарпайын жүктөйт бир ногой* («Эл адабияты»). 2. Коoздолгон ат жабуу. *Эгер Каныбекти кармап берсеңиз, Сарпайылап ат мингизем* (Жантөшев). *Сарпайы санга толуптур* («Манас» С.О.). 3. Баалуу белек. *Сый сарпай кимди гана кубандырбайт* (Абакиров). 4. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин үстүнө жабылган жабуу. *Коңур күздүн акыркы айы жаңырып, Тоолор эчак кыш сарпайын жамынган.*

**САРПАЙЛАШ** *диал.* Дос болуучу адамдар бири-биринин ага-туугандарына, өздөрүнө кийим-кечек беришип, конок болушуп, карыя-аксакалдардын алдында «бата» алып достошкон учуру.

**САРПАЙЫ** **сарпай** менен бирдей.

**САРПАЙЫЛА** Кийит жабуу, кийгизүү.

**САРПООЧ** Өлүктү тирүү кишиче атка мингизип, алыс жерден алып келүүнүн бир ыкмасы. *Тиги өлгөн Маманы өңөрүп, берки экөөнү сарпоочтогула, калганың жүргүлө жылкыга, – деп Корчу жөнөп калды* (Жантөшев).

**САРПООШТО** Адамдын колу бутун байлап атка таңып алуу.

**САРСАН** *туурасы* **сарсанаа.** *Сарсан болду сен үчүн, Алтын башым, өзгөчөм. Көрүнбөсөң, татыбайт, Ичкен ашым, өзгөчөм* (Барпы).

**САРСАНАА** Башты катырган, ой, түгөнбөгөн, учу-кыйыры жок баскан ой. *Эненин көзүнө жаш ирмеле түштү. – Иштеп жүргөндө го билбей калам, анан үйгө келсем эле ичим аңылдап, сарсанаа тумчуктурат* (Айтматов).

**САРТ** Сарттар, кыргыздын бир бутагынын башы адигиненин бир бутагы. *Кадагы менен сарт саткан, Тузуң менен куруп кал* (Калмырза). *Териште келсе теги сарт, сүрүшө келсе кеби калп* (Касымбеков).

**САРТ БАЙЛОО** Ээр-токумдуу аттарды токтогон жерде кеткис кылып байлаштыруунун бир ыкмасы. *Ар кайсы жерде топтоп болуп сарт байлоо кылынган аттар турат* (Бектенов).

**САРТАРАШ** 1. *диал.* Үйлөнөр алдында жигиттин чачын алуу жөрөлгөсү. 2. Чач тарач, чач, сакал, мурут алуучу.

**САРУУЛА** 1. Коркконд о өңүнөн өзгөрүп, кубарып кетүү. *Коркуу белгиси пайда болуп, өңү саруулайт, муундары калтырайт.* 2. Абдан коркуу.

**САРУУЛАГАН** Ар түрдүү ойго батып санаркоо.

**САРУУРАТ** Көрүүгө зар болуу.

**САРЫ I** Түс, алтын түстөнгөн өң. *Сары көйнөк. Сары коон. Сабиздей сары түс.*

**САРЫ II** Көптү уккан, билген, бардык нерседен маалыматы бар кыраакы адам. *Көптү көргөн карылар. Куйма кулак сарылар. Сары акын келди – деп, Кары, жашы чогулуп* (Калмырза).

**САРЫ БАГАЛЕК БОЛУУ** Эгин суусаганда же бышууга жакындаганда сабагынын төмөнкү жалбырактары сары ала болуп саргая баштоо. *Буудай сары багелек болуп бышарына аз калыптыр* («Ала-Тоо»). **В.: Сары багалек тартуу.** *Эгиндин сары багалек тартканына караганда суусагандай түрү бар* (Таштемиров).

**САРЫ ЖЫГАЧ** Бөрү карагат мөмөсү өсүүчү тикенектүү жыгач, бадал өсүмдүк. *Сары жыгач, чычырканак, ит мурун, Тулку бою миң сандаган ийнелер* (Калык).

**САРЫ ИЗИНЕ ЧӨП САЛУУ** Артынан сая түшүү, катуу куугунтукка алуу, такай аңдып калуу. *Сары изине чөп салып, Саргара кууп алыптыр* («Манас»). **В.: Сары изине чөп ченөө.** *Райондун газетасына жазып, экөөбүздүн сары изибизге чөп ченеп жүргөн ошол!* («Чалкан»). **Изине чөп салуу.** *Анын изине чөп салып, ушак таратууну максат кылды* (Сыдыкбеков). *Кокту-колоттун*

*арасын аңтарып, басмачынын изине чөп салмакчы болду* (Мияшев). **Баскан изине чөп салуу.** *Алардын баскан изине чөп салып, астыртан аңдууну ойлоду* (Жантөшев).

**САРЫ КАЗАК БОЛУУ** Бир нерсени абдан зарыга күтүү, зарыгуу. *Менин колумдан келип турганда апакеңе акча таап берип турганың жакшыбы же сары казак болуп, жок нерсеге көзүңдү сатып кор болгонуң жакшыбы?* (Эсенканов).

**САРЫ КАРЫН** Үч-төрт жолу төрөгөн аялга карата же үч-төрт жолу тууган бээге карата айтылат. *Сары карын болгон аял. Сары карын бээ.*

**САРЫ КЫР** Чабылган чөптүн же эгиндин бийик болуп кырдалып үйүлгөн үймөгү. *Сары кыр болгон үймөктөрүнө көз тайгылат* («Ала-Тоо»).

**САРЫ МАЙДАЙ САКТОО** Өтө баалуу нерсе катарында ардактап алып жүрүү, сактап жүрүү. *Көйнөктү Сары майдай сактап жүрөм* (Абдукаримов).

**САРЫ МАЙДАЙ ТИЙҮҮ** *к.* **жүрөгүнө майдай тийүү.**

**САРЫ МАША** Чиркей.

**САРЫ ООЗ БАЛАПАН** Өтө эле жаш, акыл-эси толо элек, өзүнчө оокат кылууга жарай элек. *Сен уядан жаңы чыккан сары ооз балапансың, такыр курсаксың* (Сасыкбаев). **В.: Сары ооз.** *Сен азыр сары оозсуң да.*

**САРЫ ООРУ** Оор кайгы, терең кайгы. *Сары оору болдум айыңдан* («Ырлар»). *Түрмөдө жүрдүм зар болуп, Сары ооpу кесел дал болуп* (Токтогул). *Сары ооpу болгон кедеңбай, Санасын ичте батырган* («Эл адабияты»).

**САРЫ ПРЕССА** Окуучулардын кээ бир катмарларынын эң арам ойлуу табиттерине жол ачып берүүчү чыккынчы, реакциячыл прессанын жыйынды аты.

**САРЫ САНАА** Катуу ойлонгондук, кайра-кайра ойлоно берүүчүлүк. *Көлөкөсүнөн корккондой элтең-селтең этет, анын келип-кетип жүргөнүн бирөө сезип калбагай эле деп, өзүнөн-өзү сары санаа* («Ала-Тоо»). **В.: Сары убайым.** *Чындык менен калптын жигин таппай, сары убайымда* (КОС).

**САРЫ СУУ** Сөөктүн ашташкан жериндеги уюп калган саргыч нерсе. *Муунду сары суу алып, Бурулуп кызыл өң азган* (Токтогул).

**САРЫ ТАМАН** Асыйдан ашкан, күчкө толуп турган жылкы же өгүзгө карата айтылат. *Эл чогулуп сойгонку, Сары таман бээ болгон* (Казыбек). *Бул жолку мингени ылоо эмес, бардар адамдын калаада окуган баласы сатып керегине жумшасын деген сары таман ат* (Сыдыкбеков).

**САРЫ УҢКУЙ** *анч.* Өңү жана көзү сары, балтыры өтө жоон, өтө сейрек кездешүүчү кыраан бүркүттүн түрү.

**САРЫ ЧОЛОК** *сүйл.* Бир сомдук кагаз акча. *Сары чолоктон үчтү берсем, айылга жетип барам.*

**САРЫ ЭСЕП** 1. Пайда чыгаруу, пайда көрүп калуу аракетин жасап, аябай так, зыкымдык менен эсеп жүргүзгөн киши, сараң. *Сарамжалың ат жеткис Сары эсеп киши экенсиң* (Калык). 2. Эсеп-кысапты, соода-сатыкты мыкты билген өндөнүп зыкымдык кылган же эсептейм деп жатып жаңылыштык кетирген кишиге карата колдонулат. *Сарамжалы сары эсеп, Казына кедей мүлку деп* («Жазгыч акындар»). *Бир аз ашык төгүүдөн коркконсуп, сары эсеп боло калышың кандай?* (Жантөшев).

**САРЫГУУ** **сарык** этишинин кыймыл атоочу.

**САРЫГЫР** Чабылган чөптүн же эгиндин үймөгү. *Үйүп койгон сарыгыр чөптөр.*

**САРЫГЫРЛА** Чөп же орулган эгинди үймөктөө, сарыгыр кылып жыюу.

**САРЫК I** Денени саргайтып жиберүүчү жугуштуу боор оорусу. *Сарык оорусу менен ооруган адам мүнөздөп тамактануусу зарыл.*

**САРЫК II** Сызылып тамчылоо, кичинеден агуу (суюктуктун толук агып же соолуп бүтө элек калдыгына карата).

**САРЫКТЫР** **сарык** этишинин аркылуу мамилеси.

**САРЫМСАК** 1. Сасык пияз сыяктуу желе турган жапайы өсүмдүк. *Салкындап суусун ичкемин, Сарымсак терген жылганын* (Бөкөнбаев). 2. Сасык пияз, чеснок.

**САРЫП** *туурасы:* **сарп.** *Сан-казына, түмөн мал, Сарып кылып чачтырып* («Эр Төштүк»).

**САРЫСАН** *туурасы:* **сарсанаа.** *Сарысан болду элим – деп* («Манас» С.О.). *Жетише албай, көрө албай, Сарысан болуп турубуз* («Манас» С.О.).

**САСУУ** **сасы** этишинин кыймыл атоочу.

**САСЫ** Сасык жыттануу, буруксуган жаман жыт чыгаруу, борсуу.

**САСЫК** Жагымсыз жыт, сасыган, борсуган, жаман жыттанган. *Сасык жыт. Суурдун этин сасык деп жийиркенет, Аюу кекилик издейт темселеп* (Шүкүрбеков).

**САСЫК КАМАЛ** Душмандын элди капкадан тышка чыгарбай камап жатуусу. *Сасык камал кылганда* («Семетей» С.К.).

**САСЫК ПИЯЗ** Түбү бир нечеге бөлүнгөн бөлүктөн турган пияз сыяктуу бакча өсүмдүгү, чеснок.

**САСЫК СӨЗ** Орду жок айтылган жагымсыз, начар сөз. *Баятан берки сасык сөздүн теңи Айнагүл эмес, – деп оозуна келгенди оттоп отурган катындарды Тоту жеңем куюн ургандай кылып өттү* (Жантөшев).

**САСЫК ЭТ КЫЛУУ** Олжо кылып алуу, олжо катары берүү. *Атын «сасык этке» калтырып, өзүн алып келе бергиле* (Убукеев).

**САСЫТ** **сасы** этишинин аркылуу мамилеси.

**САСЫТКЫ** 1. Тоок басканда балапан чыкпай калган, бузулган жумуртка. 2. *өт.* Жаман, начар. *Сейнеп уялаш эмес эле, убалыма жаралган сасыткы экен* (Бейшеналиев).

**САСЫТМА** *аңч.* Түлкү, карышкырдын жеми үчүн даярдалган өлгөн малдын тарпы.

**САТ** 1. Сатылуучу нерсени акчага же баасына туура келген башка нерсенин ордуна берүү. *Калаага бир иш менен шашып бардык, Кайтарда көп таза пул сатып алдык* (Осмонов). *Эки койго сатып жиберген ээриме ичим күйөт* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Чыккынчылык кылуу. *Душманыңа алданып, Элиңдин сырын сатпагын* (Токтогул). *Күлтебер жанын калкалап, Элимди жоого саткандар* («Мендирман»). *Сен улуттун ар-намысын сактадың! Өзү сен кулчулукка сатпадың* (Байгазиев).

**САТАҢ** 1. Сыланкороз, көйрөң. 2. *өт.* Бекерчи, кылар иши жок бош басып жүргөн. *Басып жүргөн сатаңдын, Куйрукка найза мылгытып* («Манас» С.О.). 3. *диал.* Келишимдүү, келбеттүү, сулуу. *Сатаң окшойт, көшүлүп, Эси-дарты тамакта. Оокаттын жайын биле албайт, Акыл айтса, тил албайт* (Тоголок Молдо). *Эстегенде бир тутат, Ак сатандын кумары* (Эл ыры). *Ошол дүкөндүн батыш жак колтугундагы короодо Асалхан дей турган сатаң катын турат* (Жантөшев).

**САТЕЛЛИТ** *саяс.* 1. Өзүнүн кожоюнунун жанында ээрчип жүрүүчү байыркы римдик жалданган куралдуу жоокер. 2. *өт.* Башка бирөөнүн буйругун орундаган адам.

**САТИ МОНЧОК** Бир кылка тизилген мончок.

**САТИЛ** 1. Чака, челек. 2. *диал. өт.* Чайнек, эмалдуу чөөгүн.

**САТИЛЕ** *к.* **сатил.** *Анын бир четиндеги үч оттук газ плитанын биринен көк сатиле чайнек да керели-кечке түшпөйт* (Жантөшев).

**САТИН** Чыттан бышык жана калыңыраак, өң жагы жылтылдагыраак келген кездеме. *Сатин көйнөк. Сатинден капталган жууркан.*

**САТИРА** *адаб.* Турмуштагы терс көрүнүштөрдү шылдыңдап, какшыктоо формасы менен ашкерелөөчү адабий чыгарма. *Кыргыз адабиятынын жаңы жана тез өсүп жаткан жанрларынын бири сатира болуп эсептелет* (Бапаев).

**САТИРАЛЫК сатирага** таандык. *Сатиралык чыгарма. Сатиралык журнал.*

**САТИРИК** Сатира жазгыч, сатира жагына шыктуу жазуучу.

**САТТЫР сат** этишинин аркылуу мамилеси.

**САТУРН** *астр.* Күн системасындагы Күндөн аралыгы боюнча 6-планета.

**САТУУ сат** этишинин кыймыл атоочу.

**САТУУЧУ** Дүкөндө, соода мекемесинде товар сатып туруучу соода кызматкери.

**САТЫК** Сатуу, соодалоо иши. *Сатыкка сал. Сатык бозо.*

**САТЫЛ сат** этишинин туюк мамилеси

**САТЫШ сат** этишинин кош мамилеси.

**САУНА** Мончонун бир түрү.

**САФАРИ** Жапайы айбандарга аңчылык кылууга мүмкүнчүлүк берген Африкадагы корук.

**САФЛОР** Май алынуучу бир жылдык же көп жылдык маданий өсүмдүк.

**САХАБАТТУУ** Берешен, кайрымдуу. *Сахабаттуу кан экен, Шул жериден билинди* («Эл адабияты»).

**САХИЙ** *диал.* Март, берешен, колу ачык.

**САХНА** Театрдын, клубдун оюн коюлуучу аянтчасы. *Сахнада ырдап жана бийлеп жаткан кара көз жигиттер менен кыздар .*

**САХНАЛАШТЫР** Адабий чыгарманы сахнада коюуга, көрсөтүүгө ылайыктап иштеп чыгуу.

**САХНАЛАШТЫРУУ сахналаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**САХНАЛЫК сахнага** таандык. *Сахналык чыгармалар.*

**САЮУ сай** этишинин кыймыл атоочу.

**САЯ I** 1. Көлөкө. *Сайапа майдам талдайым Сардалдыгың айтайын* («Эл адабияты»). *Арчанын саясы жок, шак болбосо, Булбул куш кайда сайрайт, бак болбосо* (Барпы). *Дарагың мөмө берди, салкын сая* (Токомбаев). 2. *өт.* Тирек, медер. *Силер го таянганым, менин саям* (Токомбаев).

**САЯ II зая** менен бирдей.

**САЯБАН** 1. Жаан-чачындан, күндөн сактануу үчүн арабанын үстүнө орнотулган чатыр. *Саябан араба чоң көчө менен жайбаракат жүрүп отурат* (Жантөшев). 2. Көлөкө. *Айчыгы алтын саябан, Чынарым аман бар бекен* («Курманбек»).

**САЯБАНДА** Көлөкөдөгү салкынга жатып ыракаттануу. *Жай саратан болгондо саябандап жатпады* (фольк.).

**САЯБАНДУУ** 1. Саябан орнотулган, саябаны бар. *Саябандуу арабаларга чегилген аттар ылаалап турушат* (Жантөшев). 2. Көлөкөлүү. *Дүпүйгөн мырза теректердин карааны сүюлүп, саябандуу касиетинен кеткен* («Советтик Кыргызстан»).

**САЯК** 1. Жолоочу, сапарга чыккан адам. 2. *өт.* Жалгыз жүргөн бирөөлөрдү ээрчип жүргөн адам. *Саяк жүрсөң – таяк жээрсиң* (макал). 3. Кыргыз уруусунун бири.

**САЯКАТ** Алыска, алыс сапарга жүрүш, кыдырыш.

**САЯКАТ-НААМА** *адаб.* Башка өлкөлөргө, бейтааныш жерлерге барганда ошол жактын таасири менен ал жактын эли-жери, маданияты, географиясы ж.б. нерселери жөнүндө жазылган чыгармалар.

**САЯКАТТА** Саякатка чыгуу, саякатчылык кылуу.

**САЯКАТТОО** **саякатта** этишинин кыймыл атоочу.

**САЯКАТЧЫ** Саякатта жүргөн адам. *Ала-Тоо сырын изилдөөгө чыгышкан илимий саякатчылар* (Сыдыкбеков).

**САЯҢ** Сейрек, сыйдаң. *Куйругу саяң, жалы аз, Куланды көрсө куткарбас* («Манас» С. К.).

**САЯПКЕР** Күлүктү таптаган адам. *Күндө чыккан күлүккө Саяпкер алган тер кызык* (Токтогул). *Ат байлаган саяпкер, Ар өнөрдөн талапкер* (Токтогул). *Ой, ат байлаган саяпкер, Алыстан келген талапкер* (Калмырза). *Такаң кайда, ташыркаптыр туягың, Мен саяпкер, – тулпарларың туямын* (Маматова).

**САЯС** *миф.* Аюунун бир түрү. *Кызыл аюу саяс бар* (фольк.).

**САЯСАТ** 1. Башкаруу ишинде жана эл аралык мамилелерде мамлекеттик бийликтин, партиянын же айрым коомдук топтун өзүнүн максатына, таламдарына ылайык жүргүзгөн иши. *Тышкы саясат. Ички саясат. Тынчтык саясаты.* 2. Белгилүү бир максат үчүн жүргүзүлгөн аракеттин түрү. *Сенин кандай саясат жүргүзүп, кантип менин көзүмө чөп салайын деп жүрүшүңдү түшүндүм* («Чалкан»).

**САЯСАТТУУ** Саясат аралашкан, саясатка байланыштуу.

**САЯСАТЧЫЛ** 1. Саясий ишке шыктуу; саясий ишмерлиги бар. 2. Белгилүү бир максатка ылайык саясат жүргүзө билген, саясат жүргүзүүгө шыктуу.

**САЯСИЙ** **саясатка** таандык. *Саясий окуу. Саясий маселелер. Саясий иштер.*

**САЯСИЙ ПАРТИЯ** Кандайдыр бир таптын же катмардын таламдарын билдирүүчү, алардын бир кыйла активдүү жана уюмдашкан бөлүгү.

**САЯСИЙ ЭКОНОМИЯ** Коомдук өндүрүштүн жана коомдун материалдык байлыктарын бөлүштүрүүнүн мыйзамдарын үйрөтүүчү илим.

**САЯТ** 1. Аңчылык. 2. Тор менен куш, бүркүт кармоо. *Кырк чоросу кашында, Ит агытып, куш салып, Саят кылган жеринде* (Тоголок Молдо). *Саят Төлөк жаш бала, Ак жибектен тор алып, Ак көгүчкөн тир алып* (Эл ырлары).

**САЯТЧЫ** Кыраан куштарга тор жайып кармоочу адам. *Саятчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул). *Ак шумкар келип илинет, Саятчы жолун торгосо* (Эл ырлары).

**СВЕТОФОР** Көчөдө, жолдо кыймылды тартипке салуучу кызыл, сары, жашыл айнектүү сигналдык электр фонары.

**СВИНГЕР** Аялдардын этеги жайык, кыска пальтосу.

**СВИТЕР** Боору туюк согулган тик жакалуу жылуу кийим.

**СЕАНС** 1. Белгилүү бир убакыт өлчөмүнө ылайыкталган иш. 2. Кинотеатрда бир канча ирет кайталанып көрсөтүлчү фильмдин бир жолкусу. *Кечки сеанска билет алдым.*

**СЕБЕЛЕ** Чачыратып себүү, себилүү. *Жаан себелеп жаап турат. Топурак себеледи.*

**СЕБЕЛЕТ** **себеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕБЕЛӨӨ** **себеле** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕБЕП** 1. Кандайдыр бир нерсенин, окуянын, натыйжанын келип чыгыш же пайда болуш шарты. *Ышкынаалынын уктап кетишине себеп бар, кечеги түнү үйүнө конок келип, күү-күү менен таңдын атканын сезбей калган* (Байтемиров). *Мунун бардыгынын негизги себеби эмнеде?* (Каимов). 2. Түрткү, жардамчы, шылтоо. *Ашырды кенде иштеттирип, өнөр жолуна салууга ошол Егор Иващев себеп болгон* (Сасыкбаев). *Себеп көп, кабак чытып кейишиме, Жээгиңде жетимсиреп жалгыз турам* (Байгазиев).

**СЕБЕПКЕР** Себеп болуучу, болгон себеп. *Алып учкан көңүлгө Себепкер болот селкилер* (Турусбеков). *Чатакка мени себепкер табышып, эки тогуз кара айып кесишти* (Жантөшев).

**СЕБЕПТҮҮ** Себеби бар, себеп болгондуктан. *Ооруган себептүү ишке чыкпай калды. Себептүү иш.*

**СЕБЕПТҮҮЛҮК** Себеби болгондук, себеби бар экендик.

**СЕБЕПЧИ** **себепкер** менен бирдей.

**СЕБЕТ** 1. Чырпыктан согулган идиш. *Мөмө үзүшкө себетиң болсо көтөрө жүр, Мерген!* (Сыдыкбеков). 2. Элдик зергерчиликте темирге жалатылган жамбы күмүштүн бетиндеги оюм-чийимге түшүрүүчү сыя.

**СЕБИЛ I** 1. Жоо кийими – ок өтпөс сырт кийим. *Себил тон. Жоо жарагы себилди, сом бутурчу темирди, Баатырлар алчу жаракты* (Тоголок Молдо). 2. Курал-жарак. *Сумбөң кызыл табылгы, Үйрөндүң мылтык себилди* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Алгыр, кыраан (жырткыч куштарга карата айтылат). *Себилдүүсү сексен төрт* («Манас» С.О.). *Серпкени өлгөн себил – дейт* («Манас» С.О.). *Текөөрү болот темир дейт, Серпкени өлгөн себил дейт* («Манас»). 4. Жасалга, кооздук. *Ич кийими темир себили, Акырекке ок өтпөс.*

**СЕБИЛ II** **сеп** этишинин туюк мамилеси.

**СЕБИЛДҮҮ** Курал-жабдыктуу, себили бар. *Себилдүүсүү сексен төрт, Серп салган жагы кызыл өрт* («Манас»).

**СЕБИШ** **сеп** этишинин кош мамилеси.

**СЕБҮҮ** **сеп** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕВЕТ** *диал.* 1. Капас, чабыра. 2. *өт.* Чоң тойго атайын жасап бара турган табак. *Бейшендин кызынын тоюна севет жасап барам.*

**СЕГИЗ** 8 саны, эсеби.

**СЕГИЗИНЧИ** Сегиздин иреттик саны.

**СЕГМЕНТ** 1. *геом.* Хорда менен чектелүүчү айлананын бөлүгү; кесүүчү тегиздик менен бөлүнгөн шардын бөлүгү. 2. *биол.* Кээ бир жаныбарлардын денесиндеги муунактары (мис. сөөлжандын муунактары).

**СЕДЕП** Кээ бир үлүл кабыктарынын ички катуу катмарынан алынып, топчу жана ар кандай кооз буюмдар иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу зат; ушул заттан жасалган топчу жана ар кандай кооз буюмдар. *Кызылдан кийген желеткең, Кырка таккан седептен* (Токтогул). *Көкүрөгүндө катар-катар седептер жаркырайт* (Байтемиров).

**СЕДУКСЕН** Дененин оорусун басаңдатуучу дары.

**СЕЗ** 1. Сезим органдары аркылуу бир нерсени туюу, байкоо. *Дабышты сезет. Ысыксуукту сезет.* 2. Түшүнүү, билүү, байкоо. *Мамбеткул өз айыбын сезер менен Салык досу менен жарашкысы келди* (Каимов). *Энеси Жылдызканды карап, анын түрүн байкады. Эч кандай капалыктын шегин сезген жок* (Байтемиров). *Ыраактан сезип жүрөк аптабыңды, Аяздуу түндөрүндө бөтөн жердин* (Байгазиев). *Муну айлык тараткан күнү даана сезесиң* (Усубалиев). *Азыр да жытын сезем ошол нандын, Таппасмын андай нанды кыдырсам да* (Байгазиев).

**СЕЗГЕН** Бир жери ооруп калуу, суук тийүү, кагынуу. *Кабыргасынан сезгенди.*

**СЕЗГЕНДИР** Ысык темирге суу бүркүү аркылуу сезгенип калган адамды дарымдоо.

**СЕЗГЕНҮҮ** **сезген** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЗГИЧ** Бир нерсени тез баамдаган, тез туйгуч, сезе билгич, байкагыч. *Сезгич адам. Сезгич карыя.*

**СЕЗГИЧТИК** Тез сезе билүүчүлүк, баамдагычтык.

**СЕЗДИР** **сез** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЗИЛ** **сез** этишинин туюк мамилеси.

**СЕЗИМ** Сезүү жөндөмдүүлүгү; акыл-эс. *Билбегенди билгизген, Мээге сезим киргизген* (Токомбаев). *Ойлойм Сени алыс кетип калганда, Сезим учкун капысынан жанганда* (Акматалиев). *Сен кетпей дайым көңүлдө, Сезимдин мээлеп бутасын* (Кулумбаев).

**СЕЗИМДҮҮ** Сезими жакшы, акыл-эстүү, зээндүү.

**СЕЗИМТАЛ** **сезимдүү** менен бирдей.

**СЕЗОН** 1. Жылдын төрт мезгилинин бири. *Жайкы сезон. Сезонго ылайыктуу кийинүү.* 2. Белгилүү бир нерсенин, иштин жүрүп турган, аракетте болгон же жетилип турган учуру, маалы, ыңгайы. *Сезондо жыйырма тонна пахта терип, Даңктанган теримчи кыз Шарапаткан* (Абдыраманов). *Курорттук сезон. Театрдын жаңы сезондогу оюндары.*

**СЕЗҮҮ** **сез** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЙ** **сай** менен бирдей. Тандыр нандын бетине себилүүчү бир жылдык өсүмдүктүн даны, уругу.

**СЕЙДЕНЕ** Уругу жыттуу өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн уругу. *Сейдене кошкон ашыңдан, Серпип койгон кашыңдан* (Эл ырлары).

**СЕЙИЛ** 1. Сайрандоо, көңүл ачуу үчүн болгон тан-тамаша. *Сейил куруу.* 2. Эс алуу, сейилдеп басуу үчүн болгон чыгыш. *Сейилден кайткан кыз, келиндер жалгыз аяк жолдо кызыл-тазыл болуп чубап келатышат* (Сыдыкбеков). *Сейил кылып Алооке Чыккан экен багына* («Манас»).

**СЕЙИЛДЕ** Сейилдикке чыгуу; тамаша кылып, көңүл ачып басуу, эс алып жүрүү. *Бүгүн көл боюна сейилдеп келели* (Сыдыкбеков). *Чогуубуз менен сейилдеп барып электр станциясы курулуучу жерди көрөбүз* (Сыдыкбеков).

**СЕЙИЛДЕТ** **сейилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЙИЛДӨӨ** **сейилде** этишинин кыймыл атоочу. *Кеч киргенде көл жээгинде сейилдөө ден-соолукка пайдалуу.*

**СЕЙИН** 1. Куураган жыгач. 2. *өт.* Алы кеткен, арыктаган. 3. Күлүк атты таптоо учурундагы тапталып жаткан аттын абалы, ашыкча майынан ажырап, тапка келүүнүн учуру, арыктаган, бирок алы-күчү төмөндөбөй, тескерисинче, толук талаптагыдай чыркоо абалына келген учур. *Семизинен арытып Сейиндейин жаратып* («Манас» С.О.).

**СЕЙИТ** *дин.* 1. Мухаммед пайгамбардын тукуму. 2. Мухаммеддин тукумуна мусулмандардын берген наамы. *Бир кудайым жолун ачып, бактыяр сейит Кудаяр качанкы кеткен ооматы кайта келип, иши агынан тагына кайра миниптир* (Касымбеков).

**СЕЙНЕК** Күкүктүн ургаачысы.

**СЕЙРЕК** 1. Бирин-серин, жыш эмес. *Так ушул жер сейрек чийлүү, чаң учкан Мейкин болчу жашаңы жок, бозоргон* (Токомбаев). *Асмандагы сейрек булут мала кызыл нурга боёлду* (Абдумомунов). 2. Анда-санда гана учурай турган, көп кезикпеген. *Сейрек учурай турган металлдар.*

**СЕЙСМОЛОГ** Сейсмология боюнча адистиги бар адам.

**СЕЙСМОЛОГИЯ** Геология илиминин жер титирөө жагын изилдөөчү бөлүмү.

**СЕЙФ** Баалуу буюмдарды, документтерди, акчаны сактоо үчүн металлдан жасалган, отко күйбөс үкөк же жашик.

**СЕКЕЛЕК** 1. Кыздардын мандайына коюлган көкүл. *Он саамайым секелек, Он бешке жашым жетелек* («Эр Табылды»). 2. *өт.* Жаш кыз. *Ата-энеси Айдайды дагы эле баягыдай секелек кыз көрүшөт* (Каимов).

**СЕКЕТ I** Бирөөнү эркелетүү, жалбаруу, жакшы көргөндүгүн билгизүү иретинде колдонулат. *Жакшылап тоюп ал, Динар секет* (Сыдыкбеков). *Ата журтум, тууган элим,*

*мекеним, Жан кубатым, сүйгөн жерим секетим* (Осмонов).

**СЕКЕТ II зекет** менен бирдей.

**СЕКЕТ БОЛОЮН** *к.* **садага болоюн.**

**СЕКЕТ КЕТ** *к.* **садага кет.**

**СЕКЕТ КЕТЕЙИН** *к.* **садага болоюн.**

**СЕКЕТПАЙ** Сүйүү ырларынын бир түрү. *Селки, бозой жыйналып, Секетпай, күйгөн ырдалып* (Үмөталиев).

**СЕКИ** 1. Тоонун, дөңсөөнүн тектири, бир аз тегиз жери. *Сен жашаган секидеги жапыз там. Миң катарлуу алтын үйдөн жаркырак* (Осмонов). *Тетиги төмөнкү секиде бир нерсе кыбырайт* (Жантөшев). 2. Отуруу жана жатуу үчүн тактайдан, топурактан көтөрүлүп жасалган орун, жай, супа. *Чайкананын секисине толуп алышты* (Сасыкбаев). 3. Жыгач айры, сенек. *Дегеле булардын башынан, ата-бабадан келе жаткан кесиби – керегe, уук, секи, кала берсе ыңырчак, кашык, аяк чапмак. Бир жаман үй атайы устаканасы* (Айтматов).

**СЕКИН** Акырын, жай. *Секин басып суу алып, Желке чачың чубалып* (Тоголок Молдо). *Мамбеткул атынан секин түшүп, Бурмага кыйкырды* (Каимов).

**СЕКИР** Эки аягын тең таштап ыргуу, ыргып түшүү, эки аягын тең таштап аттоо. *Арыктан секирип аттоо. Тамдан секирип түшүү. Динар алакандарын чапкылап, секире берди* (Сыдыкбеков). *Оюн салып секирсе, Бээнин көркү кулунда* («Мендирман»).

**СЕКИРИК** Тез аранын ичинде болгон кескин түрдөгү өзгөрүш. *Илимден жана техникадан алга карай эң зор секирик жасоо. Секирик жасап өнүгүү.*

**СЕКИРТ секир** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕКИРТМЕ** 1. Койдун оорусу. 2. Ашуунун же татаал жолдун секирип өтө турган кыйын жери. *Секиртме жерлери бар ашуу. Секиртме таштардан секиртип өтүү.*

**СЕКИРТМЕЛҮҮ** Секиртмеси бар, секиртип өтө турган. *Секиртмелүү жол. Секиртмелүү жери бар, Ашуунун өтө жолу тар* (Турусбеков).

**СЕКИРҮҮ секир** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕКИЧЕ** 1. Кичинекей секи, тектирче. *Секичеде кыркаланган калың карагай* (Сыдыкбеков). 2. Тактайдан, топурактан көтөрүп жасалган көтөрүңкү супача. *Жакып эшигинин алдына эртели-кеч отурууга секиче жасап койгон* (Бейшеналиев).

**СЕКИЧЕК** *диал.* Боз үйдүн керегe башына, уук аягына тагыла турган, үч бурч келип, коосдолуп саймаланган буюм салгыч. *Секичек ууктун аягына тагылат.*

**СЕКРЕТАРИАТ** 1. Мекеменин же уюмдун уюштуруу-аткаруу иштерин жүргүзүүчү бөлүмү жана ошол бөлүмдүн кызматкерлери. 2. Жыйналышта, конференцияда ж.б. протокол иштерин жүргүзүү үчүн шайланган адамдар тобу.

**СЕКРЕТАРЬ** *к.* **катчы.**

**СЕКСЕГЕЙ** Сексейген, үрпөйгөн.

**СЕКСЕЙ** Үрпөйгөн, сербейген, иретсиз көрүнүштө болуу (чач, жүн ж.б. карата).

**СЕКСЕЙТ сексей** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕКСЕЙҮҮ сексей** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕКСЕН** 80 саны, эсеби.

**СЕКСЕНИНЧИ** Сексендин иреттик саны.

**СЕКСЕҢДЕ** Жүгүргөндө, тез кыймылдаганда чачы көтөрүлүп сербеңдөө, сербеңсербең этүү. *Сексеңдеп жүгүрүп келе жатат. Мындан мурун аңга-дөңгө карабай сексеңдеп алабарман жүргөн кыз эми элди байкап калды* (Байтемиров):

**СЕКСЕҢДЕТ сексеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕКСЕҢДӨӨ сексеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕКТА** Өзүнчө бөлүнүп чыккан диндик уюм.

**СЕКТАНТ** Кандайдыр бир сектага кирген, анын диндик жөрөлгөлөрүн колдогон адам.

**СЕКТОР** 1. *мат.* Жаа сызык жана эки радиус менен чектелген тегеректин бөлүгү. 2. *сог.* Радиалдык сызык менен чектелген кандайдыр бир аянттын бөлүгү. *Фронт сектору. Коргонуу сектору.* 3. Белгилүү бир багытта иштеген мекеменин бөлүмү. *Кадрлар сектору. 4.* Эл чарбасынын белгилүү бир экономикалык жана социалдык белгилери болгон бөлүгү. *Эл чарбасынын социалисттик сектору.*

**СЕКУНДА** 1. Минутанын $^{1}/_{60}$ бөлүгүнө барабар убакыт бирдиги. 2. *мат.* Градуска барабар болгон бурчтарды жана жааны өлчөө бирдиги.

**СЕКУНДАНТ** 1. Дуэлде ар бир атышкан кишини жандап арага жүрүүчү же күбө болуучу адам. 2. Бокс, шахмат ж.б. оюндарда мелдешке катышкандарды тейлөө, машыктыруу ж.б. иштерди жүргүзүүчү адам. 3. Эрөөлдөгү калыс киши. *Кана, сиздин калыс секундант? Зарецкий чебер, эң кылдат* (Пушкин).

**СЕКЦИЯ** 1. Мекеменин, уюмдун белгилүү бир багытта, белгилүү бир кесипчилик боюнча иштеген бөлүгү. *Спорт секциялары. Волейбол секциясы.* 2. *тех.* Имараттын, курулуштун, ар кандай түзүлүштүн майда деталдардан турган бөлүктөрү. *Трубопроводдун секциялары. Турак жайдын секциялары.* 3. Кеңешмелердин, конференциялардын ж.б. талкуулана турган маселелердин жөнүнө, профилине карата ылайыкталган тармагы, бөлүгү.

**СЕЛ** Суу ташкыны, кыян. *Дүйнөнү сел алса, өрдөктө кайгы жок* (макал). *Ашуусу болбой бел болбойт, Кар бузулбай сел болбойт* (Тоголок Молдо).

**СЕЛ БОЛУУ** Көп болуп аябай агуу, тыйылбай куюлуп туруу, төгүлүү (көздүн жашына карата). *Көзүмдөн аккан кара жаш Токтолбоду сел болуп* (Токтогул).

**СЕЛБИ** Бир нерсени иретке келтирүү, оңдоп-түзөө.

**СЕЛБИН** Жардам. *Коюм жүзгө бир жетсе минтип селбин сурар оюм жок* (Калмырза).

**СЕЛБҮҮ селби** этишинин кыймыл атоочу. *Бул машина канча селбүү көрдү экен?*

**СЕЛДЕ I** Диндик кызматта жүргөн адамдар башына чалып, оронуп алуучу узун ак кездеме; ошол кездемеден чалып жасалган баш кийим. *Ажылар Кетмен-Төбөдөн аттанганда эле селде оронуп аттанышты* (Токомбаев). *Казандай селде оронгон Молдо менен кары бар* (Барпы). *Селделери башында* («Манас» С.О.).

**СЕЛДЕ II** Басандай түшүү, азайып, акырындап калуу. *Жамгыр бирде селдеп, бирде демдеп турду* (Каимов). *Күн батып күүгүм кирди, көчө менен жүргөндөрдүн аягы селдеп калды* (Жантөшев).

**СЕЛДЕ III** *диал.* Тууралган эттин үстүнө кесилип коюлган чучук. *Жылкынын чучугунан бир селде жасайлычы.*

**СЕЛДЕЙ** Апкаарып, калтаарып же эси оой түшкөндө, таң калганда, өзүн жоготуп койгон учурда ж.б. кыймылсыз делдейип туруп калуу. *Келиндин үрөйүн көргөн Батма селдее түштү* («Ала-Тоо»). *Кымка эне шыпыргысын кармаган боюнча селдейди* (Бейшеналиев). *Эжеке, тиги жигит эмне үчүн пахтасын тербей селдейди?* (Жантөшев).

**СЕЛДЕЙ КАПТОО** Өтө көп болуп жайылуу, жабылып басып кирүү. *Дуулаган элдин эрки үчүн Душманын селдей каптаган* (Бөкөнбаев). *Душмандын сесин алып, селдей капта* (Акаев). *Айтматов, Айтматов... үндөр жаңырып, Эл келатыр селдей каптап агылып* (Акматалиев).

**СЕЛДЕЙТ селдей** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЛДЕЙҮҮ селдей** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЛДЕЛҮҮ** Селдеси бар, селде оронгон, селде чалынган. *Аса-мусалуу, чоң селделүү Берик секирип кирет* (Бөкөнбаев).

**СЕЛДЕСИНЕ ЧОК ТҮШҮҮ** *дин.* Көбүнчө молдолорго карата: шарыят жолун бузду, шарыятка туура келбей турган иш кылып, элдин алдында маскара болду, уяты чыкты деген мааниде колдонулат. *Жанакы Тазабек зулумдан корккон Саяк молдонун селдесине чок түштү* (Сыдыкбеков). *Молдокемдин селдесине чок түштү, – деген сөз бекер айтылган эмес* («Чалкан»).

**СЕЛДЕТ селде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЛДӨӨ селде** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЛЕБЕ** *эск.* Кылыч. *Салаңдаган муруну, Селебенин кабы окшоп* («Манас»).

**СЕЛЕЙ селдей** менен бирдей.

**СЕЛЕЙМЕ** *а.ч.* Малдын жугуштуу ылаңы.

**СЕЛЕКЦИОНЕР** Селекция жагынан адис.

**СЕЛЕКЦИЯ** Тандоо, ылгоо, аргындаштыруу жолу менен айбандардын тукумун, асылдандыруу өсүмдүктөрдүн жакшы сортторун, жаңы түрлөрүн чыгаруу жана мыктылоо иши; ушундай иштерди жүргүзүүчү илим тармагы.

**СЕЛИБИК** Бир нерсени үстүнө кошумча берүү, кошумчалоо.

**СЕЛИТРА** Техникада жарылма зат, агрономияда семирткич кылып колдонулуучу азот-кычкыл туз.

**СЕЛК-СЕЛК ЭТҮҮ** Тез-тез кыймылдоо, желпилдөө. *Түнкү соккон сыдырым желге, Селк-селк этип чөптөр шуудурап* (Шүкүрбеков). *Жибек саамай селк этти* (Бөкөнбаев).

**СЕЛКИ** 1. Бойго жеткен кыз. *Зар ыйлап малча сатылган, Селкилер күлгөн кез ушул* (Жантөшев). *Ал тиги кызыл жоолукчан – Эмгектин кызы селкибиз* (Турусбеков). 2. Эрке, жалакай. *Баласы селки өсүп калыптыр.*

**СЕЛКИЛДЕ** Селк-селк этүү, селк-селк эткен кыймылда болуу. *Аппак селкилдеген узун сакал* (Токомбаев). *Өркөчтөрү депилдеп, Чуудалары селкилдеп* («Манас»).

**СЕЛКИЛДЕТ селкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЛКИЛДӨӨ селкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЛКИНЧЕК** Оюн-шоок үчүн күү менен алга, артка чайпалып тебүүгө ылайыктап курулган жасалга. *Өткөрдүк айлуу түндү нечен жолу, Бир тептик селкинчекти жыргап-куунап* (Үмөталиев). *Ар бир айыл четинде Алты бакан селкинчек* («Мендирман»).

**СЕЛПЕЙ** Үстү-башы, жүрүш-турушу тың болбой илээлеп туруу, жүдөө болуу. *Эмне селпейип жүрөсүң биерде? – деп бизди кемсинте сүйлөдү* («Чалкан»). *Эшиктен кирип келип мыкаачы бай, Тээптир эмне турдуң деп селпейип* (Турусбеков).

**СЕЛПЕЙТ селпей** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЛПЕКТЕ** Эби-сыны жок, селп-селп эткен жеңил көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Селпектеп качып жөнөө.*

**СЕЛПЕКТЕТ селпекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕЛПЕКТӨӨ селпекте** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕЛСАЯК** Белгилүү турган жайы жок, кыдырып жүрмө, жакырланган, тентиреген адам.

**СЕЛСАЯКТА** Селсаяктык кылуу, кыдырып, тентиреп жүрүү.

**СЕЛТ ЭТҮҮ** Чочуп кетип денеси жыйрыла түшүү, тартыла түшүү, селтең эткен көрүнүштө болуу. *Селт этип тура калды.*

*Селт этип Дилвар ойгонду шашып, Кашкаят асман күзгү таң атып* (Абдыраманов).

**СЕЛТЕҢ-СЕЛТЕҢ ЭТҮҮ** Чочулап эки жагын тез-тез карануу.

**СЕЛТЕҢ ЭТҮҮ** Чочуп кетип тез кыймыл жасоо. *Ичи ачыша түшкөн Динар эки колун тең көтөрүп селтең этти* (Сыдыкбеков).

**СЕЛТЕНДЕ** Элтең-селтең этип эки жагын тез-тез карануу.

**СЕЛЬПО** Селолук керек-жарак коому жана ошондой коомдун дүкөнү. *Кечээ күнү сельпого көп кездеме келди* (Баялинов).

**СЕЛЬСОВЕТ** Селолук совет. *Орусбек окуу жашына толгондо Омордун үйүнө сельсоветтен киши келди* (Сыдыкбеков).

**СЕМАНТИКА** 1. **семасиология** менен бирдей. 2. Сөздөрдүн мааниси.

**СЕМАСИОЛОГ** Сөздөрдүн семантикасын, маанисин изилдөөчү адис.

**СЕМАСИОЛОГИЯ** Сөздөрдүн маанилерин, алардын өзгөрүшүн изилдей турган тил илиминин атайын бөлүмү.

**СЕМАФОР** Темир жол түйүнүндө жолдун ачык же жабыктыгын жарык аркылуу билдирүүчү сигнал.

**СЕМЕСТР** Жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуу жылынын жартысы. *Бир семестр бою жакшы окуган студент президенттик стипендияга жетти.*

**СЕМИЗ** 1. Эти толук, майлуу. *Кой семизи койчудан* (макал). *Аттардын ичиндеги семизи жана күлүгү тору ала ат экен* (Жантөшев). 2. Өсүмдүк үчүн керектүү заттары жетиштүү, күр (жер жөнүндө). *Жер семизин тандашып, Айдашкан элди карачы* (Токтогул).

**СЕМИЗ ООЗ** Керсейип, көтөрүлүп, текебер сүйлөгөн, кесир сүйлөгөн. *Семиз оозсуң. Сенин кесириң бизге тийбесе болду* («Чалкан»).

**СЕМИЗДИК** Семиз болгон абал. *Койлордун жазга ушул семиздиги менен жетпесе да өңдүү жетерине ишенем* (Жантөшев). *Араба менен жүрчү эле, Семиздиктен басалбай* (Маликов).

**СЕМИНАР** 1. Жогорку окуу жайларында мугалимдердин жетекчилиги менен өткөрүлүүчү группалык практикалык иш. 2. Квалификацияны жогорулатуу үчүн атайын даярдык берүү максатында өткөрүлгөн ийрим, иш-чара. *Агитаторлордун семинары.*

**СЕМИОТИКА** Белги жана белгилер системасын изилдөөчү илим.

**СЕМИР** 1. Эт алуу, эттүү болуу, семиз болуу. *Жайылып малың семирсе, Жайыттын көркү сонун да!* (Токтогул). *Уйлардын жүнүнөн май чыгып, жылтылдап, семире баштады* (Бейшеналиев). *Өлөңдүү жерде өгүз семирет, өлүктүү жерде молдо семирет* (макал). 2. Өсүмдүк үчүн керектүү заттары жетиштүү болуу, күр болуу (жер жөнүндө). *Аңкып жаткан байыркы Аңыздары семирген* (Тоголок Молдо).

**СЕМИРТ семир** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕМИРТКИЧ: жер семирткич** Түшүмдүүлүктү жогорулатуу максатында кыртышка төгүлүүчү кошунду. *Минералдуу семирткич. Органикалык жер семирткич. Химиялык жер семирткич.*

**СЕМИРҮҮ семир** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕМИТОЛОГИЯ** Семит тилдерин жана семит маданиятын изилдөөчү илим.

**СЕМИЧКЕДЕЙ ЧАГУУ** Колунан келүү, аткара алуу. *Эч кабатыр болбо, аны семичкедей чагат.*

**СЕН КӨР, МЕН КӨР** Экинчи кайрылбоо, кайталабоо, орду түбү менен жок болуу деген маанide оорунун айыгып кетиши же бирөөнүн дайынсыз жоголушуна карата колдонулат. *Былтыр бир кат келди, кийин сен көр, мен көр жок болду. Сен көр, мен көр болуп кетти.*

**СЕН** Экинчи жакка карата колдонулуучу жактама ат атооч. *Чыгым салып эл жедиң, Чыркыратып жардыны, Жалгыз атын сен жедиң* (Токтогул). *Сен – карчыганын тынары, Мен – кара тоонун улары* (Тоголок Молдо). *Кыйналып. жүрүп өлбөсөм, Кегимди сенден аламын* (Барпы). *Сен жарыгым, аппак элең, таза элең, Сен жарыгым, наз элең да, жаз элең* (Келдибекова).

**СЕН, МЕН ДЕШИП КАЛУУ** Бири-бирине жаман-жакшы сөз айтышып урушуп калуу, чырлашып, араздашып калуу. *Сен, мен дешип калганга таарынып келбей жүрөт го деп ойлоду* (Байтемиров). *Эзели өйдө карабаган киши менен сен, мен дешип калдым* («Чалкан»).

**СЕНАЖ** *а.ч.* Нымдуулугу 50–55% чөптөн абасыз шартта ачытылган тоют, аны даярдоодо табигый шалбаа чөптөрү жана эгилме чөптөр керектелет.

**СЕНАТ** 1. Байыркы Римдеги башкаруунун жогорку органы. 2. Падышалык Россияда: жогорку соттук-административдик мекеме. 3. Бир катар өлкөлөрдө закон чыгаруучу жогорку палата (АКШда конгресстин, ал эми Белгия, Канада жана башка мамлекеттерде парламенттин жогорку палатасы).

**СЕНАТОР** Сенаттын мүчөсү.

**СЕНДЕЛ** 1. Азап тартуу, тентирөө. *Сексенде энем сен элең, Сенделип кеткен мен элем* (Токтогул). 2. Арып-ачкан, чарчап-чаалыккан түрдө темтеңдеп араң басуу.

**СЕНДЕЛТ сендел** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕНДЕЛҮҮ сендел** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕНДЕН КЕЛГЕНДИ КӨРДҮМ** Сенин колуңан келген кырсыкты, кыянатчылыкты,

жамандыкты көрө жатууга тобокел кылдым, бел байладым деген мааниде колдонулат. *Сенден келгенди көрдүм деп, ичинен кекенген Дөөт Суксурду жекире омуроолотту* (Осмоналиев).

**СЕНДИРЕКТЕ** Алы кетип, бутун араң шилтеп тамтаңдап басуу. *Батма сендиректеп барып жүктүн бурчуна сүйөнүп олтурду* (Байтемиров).

**СЕНДИРЕКТЕТ сендиректе** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕНДИРЕКТӨӨ сендиректе** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕНЕЙ** Сенек болгондой былк этпей катып калуу, кыймылдабай калуу. *Зайнанын оюнан бардык нерсе чыгып, эки колун өйдө көтөргөн калыбында сенейди* («Жаш ленинчи»).

**СЕНЕЙТ сеней** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕНЕЙҮҮ сеней** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕНЕК** Катып калган, шал болуп калган. *Колу сенек.*

**СЕНИ КАЙСЫ КАРА ТЕКЕ СҮЗДҮ** Бул эмне кылганың, кырсыктуу, жалаалуу иште кандай тиешең бар эле деген сыяктуу жемелөө, жекирүү маанисинде. *Бул жерге сени кайсы кара теке сүзүп алып келди экен, айбан* («Чалкан»).

**СЕНИН ТАМАНЫҢА КИРГЕН ТИКЕН МЕНИН ЧЕЧЕКЕЙИМЕ КИРСИН** Сен тартар азапты мен тартайын, сага келген кырсык, балээ мага келсин деген мааниде. *Курган ата менен эне сенин таманыңа кирген тикен биздин чечекейибизге кирсин, – деп кызга үйрүлүп түшөт* (Бөлөкбаев).

**СЕНСАЦИЯ** Көпчүлүктүн делебесин козгогон, көңүлүн эргиткен кабар, көз караш, укмуштуу окуя.

**СЕНСУАЛИЗМ** Таанып-билүүнүн бирденбир булагы сезүү болот деп эсептөөчү философиялык окуу.

**СЕНТЕНЦИЯ** Насыят мүнөздүү жыйынтык, санат.

**СЕНТИМЕНТАЛИЗМ** *адаб.* Сезгичтик, Адам сезимин курчаган чөйрөнү өзгөчө сезимталдык менен сүрөттөп берүүнү, каармандардын түйшүктөрүн, кайгы-муңун көбүрөөк чагылдырууну көздөгөн адабий агым.

**СЕНТЯБРЬ** Календардык жыл эсебинин тогузунчу айы. *Сентябрь ай, коон жыттуу сонун ай, Бышыкчылык, барлык, элдин көңүлү жай* (Осмонов).

**СЕНЬОР** Феодалдык коомдо – ири жер ээси, соттук, административдик жана саясий бийлиги болгон адам.

**СЕҢИР I** Тоонун урчуктанган бийик кыры. *Жети-Өзөндү көрүүгө, Жерге талдуу сеңирге Жетип ордо тикти эле* («Сейтек»). *Жатып калды Табылды, Учтанган кара сеңирге* («Эр Табылды»). *Кайкысын көк сеңирдин кетти ашып, Камчы, урдум кула керге мен да шашып* (Осмонкул). *Мурду тоонун сеңирдей* («Семетей» С.К.).

**СЕҢИР II** *диал.* Арбайып-тарбайып өскөн өсүмдүк.

**СЕҢИРДҮҮ** Урчуктуу, тик кырлуу тоо. *Мурунунун таноосу сеңирдүү тоонун быткылдай* (фольк.). *Бет алдыда кең сеңирдүү тоолор* (Стамов).

**СЕҢСЕЛ I** Селкилдеп, ыргалып туруу (жүн, чач же жыш өскөн чөп, эгин ж.б. жөнүндө). *Койлор чубайт жибек жүнү сеңселип, Уйлар оттойт бүйрү чыгып теңселип* (Осмонкул). *Арпа, буудай, сулуулар Сепкен жерде сеңселип* (Нуркамал).

**СЕҢСЕЛ II** *диал.* 1. Сапсаң көрпө. *Ичиктин ичи сеңселден болот.* 2. *өт.* Олжолуу, жолдуу адам. *Анын жолу сеңсел.*

**СЕҢСЕЛТ сеңсел** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕҢСЕЛҮҮ сеңсел** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕП I** 1. Кызды күйөөгө бергенде кошо берилүүчү кийим-кече, үй оокаттары жана түрдүү буюмдар. *Солтобайга беремин, Кызымды сонун түркүн сеп менен* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Кошумча. *Бака сийсе, көлгө сеп* (макал).

**СЕП II** Майда же суюк нерсени бириндетип чачуу, себелөө. *Эшик алдын шыпырып, суу сээп тазалайм* (Абдукаримов). *Арпа, буудай, сулулар, Сепкен жерде сеңселип* (Нуркамал).

**СЕПАРАТИЗМ** *саяс.* 1. Өзүнчө бөлүнүүгө аракеттенүү. 2. Көп улуттуу мамлекеттерде аз сандуу улуттардын мамлекеттен бөлүнүп өзүнчө мамлекет же автономиялуу облус болууга умтулушу.

**СЕПАРАТОР** Каймагын ажыратып алуу үчүн сүттү тарта турган машина, сүт машина.

**СЕПАРАТТЫК ТЫНЧТЫК** Согуш жүргүзүп жаткан мамлекеттердин бирөө тарабынан өзү согушуп жаткан мамлекет менен согушту улантып жаткан союздаштарынан айрым түзүлгөн тынчтык келишим.

**СЕПАЯ** Үч бут кылып жасалган нерсе. Көбүнчө өзөндү тосуу үчүн баштарын бириктирип, үч бут кылып, арасына бутактарды, таштарды толтуруп сала турган.

**СЕПИЛ** 1. Жоодон коргонуу максатында шаардын, жашаган жердин, сарайдын сыртынан айланта курчалган калың коргон-чеп. *Сепилин бийик куруптур* (Бейшеналиев). 2. Тосмо, тоскоолдук (атайын курулган), кээде табигый тоскоолдуктар да (бийик жар, зоо ж.б.) сепил катары пайдаланылышы жана сепил аталышы мүмкүн. *Бузуп гүлбак сепилди.* 4. *өт.* Кебелбес күч.

**СЕПКИЛ** Кээ бир кишилердин терисинде (көбүнчө бетинде) пайда болуучу саргыч же күрөң түстөгү майда чыбыр тактар. *Чекири жок кой көздүү, Сепкили жок ак жүздүү* («Се-

метей»). *Анын эки бетинин отунда билинер-билинбес сепкили бар* (Абдумомунов).

**СЕПКИЛДҮҮ** Сепкил баскан, сепкили бар. *Тамара жыйырма бешке чамалаш, билинер-билинбес сепкилдүү келин* (Байтемиров). *Кара тору сепкилдүү келин жолдошун чымчып өптү* («Ала-Тоо»).

**СЕПСИЗ** Оору козгоочу микробдордун канга өтүп кетишинен организмдин жалпы жабырланышы.

**СЕПТИР** **сеп** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕПТҮҮ** Себи бар, себи менен берилген (кызга карата). *Септүү кыз.*

**СЕР** Көп, калың. *Бир сер сакал абышка тыштан кирди.*

**СЕР ДЫМАК** Ою далай жерде, сүйлөгөнү чоң, көөдөнүн көтөргөн. *Купшуңдаган сен өңдүү, Кулда болот сер дымак* (Тоголок Молдо). **В.: сер сөөлөт.** *Жамандын бары сер сөөлөт келет.*

**СЕР ЖАМГЫР** *диал.* Көнөктөп катуу жааган жамгыр.

**СЕР САБИЗ** Сабиз көп кошулган, сабизи көп. *Бирөө четке жылдырган капкак астынан көк булоосун чыгарып чоң депкир менен сер сабиз палоону тосулган табакка салып жатты* (Мавлянов).

**СЕР САКАЛ** Чоң сакал, үкөк сакал.

**СЕРАП** 1. Суугa канган, кана сугарылган. 2. *диал.* Мол, көп, толгон.

**СЕРБАА** Кымбат баалуу жасалга.

**СЕРБЕЙ** 1. Жапыз жана бирин-серин, анда-мында болуп өсүү (өсүмдүктөр, кыл, чач ж.б. жөнүндө). *Сакал-мурутy сербейип туруу. Сербейген майда карагайлар. Сербейген караган бута.* 2. Кичине болуп көрүнүү, эрбейүү. *Балам, сербейбей чай кайнатыша койсоң боло* («Чалкан»). *Төрт чөмөлө чөп кепенин үстүндө сербейип турат.*

**СЕРБЕЙТ** **сербей** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕРБЕЙҮҮ** **сербей** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРБЕНДЕ** Сербейген кичинекей көрүнүштө кыймылдоо. *Сербеңдеп ойноп жүргөн көпөлөгүмсүң* (Сыдыкбеков). *Саамайы учуп сербеңдеп, Көкүлү учуп эрбеңдеп* («Эр Табылды»).

**СЕРВАНТ** Текчелери бар, айнектелген, идиш-аяк коюлчу шкаф.

**СЕРВИЗ** Белгилүү сандагы адамдарга ылайыкталган идиш-аяктардын толук тобу. *Чай сервизи.*

**СЕРВИС** Тиричилик жактан тейлөө.

**СЕРВИС-БЮРО** Калкты турмуш-тиричилик жагынан тез тейлөөчү мекеме, турмуш жагынан кызмат көрсөтүү бюросу.

**СЕРГЕК** 1. Көңүлү көтөрүңкү, ачык, шат. *Кычандын жүрөгүн түпөйүл басканы менен, көңүлү сергек* (Бейшеналиев). *Сергек Зарыл күндөгүсүндөй эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков). 2. Сак, кыраакы, аркы-беркини тез сезүүчү. *Көп уйкуга кызыкпай, Сергек болгон жакшы экен* (Барпы). *Мырзабек абдан сергек бала* (Абдумомунов).

**СЕРГЕКТИК** 1. Көңүлү көтөрүңкү, ачык, шат болгондук. 2. Сактык, кыраакылык, аркы-беркини тез сезүүчүлүк.

**СЕРГИ** 1. Салкын абага чыгып эс алуу, серүүндөө, көңүл ачуу. *Сергисек төрдө гүл сайма, Суктансак мөлтүр Ак-Сайга* (Абдыраманов). *Жайлообуз сонун жер болот, Жан-жаныбар сергиген* (Бөкөнбаев). *Ашуунун аркы бетине түшөр замат эле жүрөк толкуп, көңүл сергий түштү* («Жаш ленинчи»). 2. Күн ачылып, жаан-чачын басылуу. *Күн сергиди.* 3. Кургай баштоо, тоборсуу. *Кир сергиди.* 4. Женилденүү, өзүн жеңил сезүү, бошоо. *Жумуштан сергий түшүү. Уруя сөзүнүн аягына чыкканда бир чоң жүгү түшкөнсүп, бою сергий түштү* (Байтемиров).

**СЕРГИТ** **серги** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕРГҮҮ** **серги** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРДЫМАК** Ою далай жерде, көпкөлөң адам. *Купшуңдаган сен өңдүү, кулда болот сердымак* («Кедейкан»).

**СЕРЕ I** 1. Түркүктөргө орнотулган үстүнкү бети гана жабылып, туш жактары ачык бастырма. 2. Курут кургатуу үчүн ылайыкталган бийик секиче. *Алачык менен үйдүн ортосунда сереси бар экен, үстүнө кыша таштап, курут жайып коюптур* (Касымбеков). 3. Төр, төбө.

**СЕРЕ II** Төрт манжанын салааларын анча бириктирбей, ачыгыраак коюп өлчөгөндөгү жазылык энди билгизген чен. *Улак башкалардан сере бийик* (Бейшеналиев). *Казысы сере бээ союптур. Кымтый кармап олтуруп, Чеңгелин сере толтуруп* (Молдо Кылыч).

**СЕРЕ III: таңдын эре-сересинде** Таң кулан өөк болгондо, таң жаңыдан атып келе жатканда. *Таңдын эре-сересинде Табылдынын айлына келип калды* («Эр Табылды»).

**СЕРЕЙ** Сороюп, эрбейип чыгып туруу. *Шыпшагандай серейип, куураганы дагы бар* (Токомбаев). *Кулактары серейип, Энесин таппай элейип* (Шүкүрбеков).

**СЕРЕК** Үй кайтарган жөнөкөй ит. *Келериңде дүнүйө – бурдөп турган терексиң, кетериңде дүнүйө – үрүп турган серексиң.*

**СЕРЕНАДА** 1. Чыгыш Европа поэзиясындагы ашыктыкты даңазалоочу саламдашуу ыры. 2. Лирикалык музыкалык чыгарманын бир түрү.

**СЕРЕҢ: сереӊ-сереӊ** Кичине нерсенин анда-мында бир көрүнүп, сербеңдеп чуркаган көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат. *Коён сереӊ-сереӊ этти.*

**СЕРЕҢДЕ** Сереӊ-сереӊ этүү. *Сеңсеӊ куйрук, кош кулак, Сереңдеген коенек. Сереңдеп чуркаган сур чычкандар.*

**СЕРЕНДЕТ** **серенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕРЕНДӨӨ** **серенде** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРЕПЧИ** **байкоочу** менен бирдей.

**СЕРЕПЧИЛЕ** Алысты караганда алаканды чекесине кырынан коюп, бир нерсени жакшылап көрүүгө ыңгайлоо. *Азыр үйүн көздөй бурулган үч мугалимди көрүп, Омор колун чекесине серепчилей карады* (Сыдыкбеков).

**СЕРЕПЧИЛӨӨ** **серепчиле** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРЖАНТ** Армиядагы, милициядагы кенже командалык бөлүктө берилүүчү наам, чин жана ушундай наамдагы, чиндеги адам (кызматкер). *Көргөн окуясын баштан аяк отделениесинин командири сержант Иван Безруковго айтып берди* (Сыдыкбеков).

**СЕРИЯ** 1. Турпатташ, маанилеш, мазмундаш же бир канча жалпы, окшош белгилери бар нерселер. *Художник С. Акылбеков колхозчулардын колхоз талаасындагы ыраатуу эмгеги жөнүндө картиналардын сериясын жазды* («Ала-Тоо»). 2. Кинокартинанын салыштырмалуу өз алдынчалыкка ээ бөлүгү. *Үч сериядан турган картина. Көп сериядан турган кинофильм.* 3. Акча, облигация кагаздарынын, документтердин цифралар же тамгалар менен белгиленген разряды, категориясы. *Облигациянын номери жана сериясы. Паспорттун номери жана сериясы.*

**СЕРИЯЛУУ** Сериядан турган, серия-серия болуп чыгарылган. *Сериялуу өндүрүш.*

**СЕРИЯЛЫК** **серияга** таандык. *Техниканы сериялык түрдө бир кыйла жакшы даражада даярдоо.*

**СЕРКЕ** Эки жашка караган биттелген теке. *Миң койду бир серке баштайт* (макал).

**СЕРКЕЧ** **серке** менен бирдей.

**СЕРМЕ** 1. Кармоо, кармап алуу аракети менен колду умтула шилтөө, сермөө, илип алуу. *Апасы келип сермей бererде Сатыкул ойт берди* (Касымбеков). *Табына келген убакта, Таасын сермейт куш дагы* (Осмонкул). *Оозун ачкан бөрүнү, Берен бүркүт сермесин* (Бөкөнбаев). 2. Учуу, алга карай умтулуу аракети менен канатты кыймылга келтирүү, канат кагуу, серпүү. *Канат сермеп, бук болуп, Келатты учуп жагалмай* (Бөкөнбаев).

**СЕРМЕЛ** **серме** этишинин туюк мамилеси.

**СЕРМЕЛЕ** Колуна тийген нерсеге жанталашып кармап калуу. *Агып кете жаздадым, Жинди-Суудан сермелеп.*

**СЕРМӨӨ** **серме** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРП** 1. Шилтөө, сермөө. *Чогулуш болсо кол серпип, Курсулдөдүң активим* (Үмөталиев). 2. Жулкуп тартуу, булкуп ыргытуу, илип тартуу. *Серперимде балыкты, Жаян келип сугунду* («Кедейкан»). *Түндүктү серпип тартып, кайырып койгула* («Ала-Тоо»). *Чын эле серпип ыргыттың, Чычканды мышык баскандай* (Токтогул).

**СЕРПАНТИН** 1. Маскараддарда, зоок-тамашаларда бийлөөчүлөрдүн үстүнө ыргытылуучу түрдүү түстөгү жука тасма кагаздар. 2. Өрүү беттеги чукул бурулуштуу жол.

**СЕРПИЛ** **серп** этишинин туюк мамилеси.

**СЕРПИЛГИЧ** Ийилип калыбына келме; созулуп калыбына келме. *Серпилгич пружина.*

**СЕРПИНДИ** Бир нерсенин учкуну, чачырандысы. *Өрттөнгөн ошо казандын Серпиндиси тийбесин* («Эр Төштүк»).

**СЕРПИШ** Кармашуу, алышуу, күрөшүү. *Серпишкенге бой бербес, Сепил болуп калгыла!* («Семетей»). *Серпишкен жоону басынтып, Жеңбей кайтчу биз бекен?* (Элебаев).

**СЕРПИШТИР** **серпиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕРПИШҮҮ** **серпиш** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРПӨӨР** *аңч.* Жаактын серпилгич күчү менен баскан (түшкөн) аңды бутунан чаап калуучу жаа формасындагы капкандын кош тетиги.

**СЕРПТИР** **серп** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЕРПҮҮ** 1. *аңч.* Бүркүт, ителги, ылаачын алган нерсесин тээп түшүрүү же тырмагы менен жара тартуу. 2. **серп** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРТ** 1. Ирени суук, сулуу эмес (өң жөнүндө). *Анын ирецин серт көргөзгөн оң жаагында уржук-буржук болуп айыккан тырыгы бар* («Ала-Тоо»). 2. Жагымсыз, жаман. *Энесиз жетим деген сөз эң эле суук, серт экен* (Убукеев).

**СЕРТИФИКАТ** *к.* **тастыктама.**

**СЕРТТИК** Адамдын сырткы көрүнүшүнүн жагымсыздыгы. *Серттигине карабай, көзгө жылуу, шок өстүргөн баладай.*

**СЕРҮҮН** Салкын, мээлүүн. *Кечки жел берет серүүндү, Эмгекти кылып жатканда* (Бөкөнбаев). *Ашыр жаздын серүүн абасын жута дем алып, теребелди суктана карады* (Сасыкбаев). *Кеңдигиң үчүн, серүүнүң үчүн сүйөмбү, Көк деңиз сени көөлгүгөн, үнсүз чалкыган* (Сариева).

**СЕРҮҮНДӨ** 1. Салкын, мээлүүн тартуу, серүүн абалга келүү. *Күн серүүндөй түштү.* 2. Салкындап дем алуу. *Дербиш өзүнө тааныш бактын ичинде серүүндөп келе жатты* (Каимов).

**СЕРҮҮНДӨӨ** **серүүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕРҮҮНДӨТ** **серүүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЁРФИНГ** *спорт.* Суу спорту, атайын ылайыкталган тактайчага туруп алып суу, толкундардын үстүнөн сыйгалак тээп өтүү.

**СЕС** Айбат, опуза, кыр көрсөткөндүк. *Найзанын учтуусу, кылычтын миздүүсү жоого сес!* (Сыдыкбеков). *Сес көрсөтүп, жүрөгүнүн мизин алуу. Душмандын сесин алгыдай баатырлыгы бар жигиттерден бол* («Ала-Тоо»).

**СЕССИЯ** 1. Бийлик органдарынын мезгил-мезгил менен өткөрүлүүчү жыйыны, отуруму. 2. Жогорку же атайын орто окуу жайларында мезгилдүү сынак учуру. 3. *саяс.* Бир өкүлдүктүн, органдын, эл аралык уюмдун, илимий конференциялардын ж.у.с. иштешинин мезгили.

**СЕСТЕЙ** Коркуп, чочуп, элейип туруп калуу. *Алымкул качан кетти? – деп Карып сестее түштү* (Абдукаримов). *Келиндер бир аз сестее түшүшүп, анан сыр бербеске салыштты* (Сыдыкбеков).

**СЕСТЕН** Коркуу, айбыгуу. *Арзынын көз карашынан сестене түшкөн Жума кичине мукактана түштү* (Жантөшев). *Канай «Атам уруп коёт го» деп сестенчү* (Таштемиров).

**СЕСТЕНҮҮ** **сестен** этишинин кыймыл атоочу.

**СЕСТҮҮ** Сүрдүү, сес көрсөтөрлүк. *Бир саамдай Зайнага сестүү карап турду да, Калпакбай уулу столду дүп муштады* (Сыдыкбеков).

**СЕТЕР** 1. Ыйык. 2. Ыйык кылып эркин коё берилген мал (мындай малдын этин жебейт, жүнүн кыркпайт). 3. Жүдөгөн, араң кыймылдаган.

**СЕЯЛКА** Үрөн сепкич машина.

**СИГНАЛ** 1. Үн же жарык аркылуу кандайдыр бир кабар, буйрук, команда берүү үчүн колдонула турган шарттуу белги. *Жарык менен берилүүчү сигнал. Кырсык сигналы.* 2. Кабар, билдирүү. *Ар кандай кылмыштуу иштер жөнүндө түшкөн сигналдар.*

**СИГНАЛИЗАТОР** Сигнал берүүчү жабдык же ошол жабдыктын сигнал берүүчү бөлүгү.

**СИГНАЛИЗАЦИЯ** Сигнал берүү системасы; сигнал берүү үчүн жасалган аппарат же түзүлүш. *Темир жол сигнализациясы. Деңиз сигнализациясы.*

**СИГНАЛЧЫ** Сигнал берүүчү.

**СИЗ** Сен деген жактама ат атоочтун сылык формасы. *Сизден башка адамдан, Укканым жок жылуу сөз* (Токтогул). *Сизге салам айтышты, – деди окуучулар мугалимдерине* («Жаш ленинчи»).

**СИЙ** Заара кылуу, сийдик чыгаруу.

**СИЙГЕК** Табарсыгы бош, төшөгүнө сийип коймо.

**СИЙГИЗ** **сий** этишинин аркылуу мамилеси.

**СИЙДИГИ БУЛУТ АЙЛАНУУ** Өтө кыйын абалда калуу, аргасы түгөнүү, айласы кетүү. *Сийдиги булут айланып, Айтарга тили байланып* (Алыбаев).

**СИЙДИК** 1. Бөйрөк аркылуу иштелип чыгып, жыныс органынын заара өтө турган жолу менен организмден бөлүнүп чыгуучу суюктук, заара. 2. *сүйл.* Эркектин уругу, тукуму. *Сийдиги таза айгыр. Сийдиги асыл букадан алынган төл. Сийдиги бир, жатыны башка.*

**СИЛЕР** Сен деген жактама ат атоочтун көптүк саны.

**СИЛИКОЗ** Көп учурда чаңдуу аба менен дем алуу кесепетинен өпкөдө болгон дарт.

**СИЛК** 1. Күбүү, кагуу, силкинтүү. *Чаңды какса кетет, кумду силксе түшөт! – деди Мамбет карыя* (Сасыкбаев). *Тебетейин силкип, карын түшүрдү. Ташташ үчүн силкип жондон, Үстөмдүгүн башканын* (Байгазиев). 2. Шилтөө. *Көкө чекесин чүрүштүрө калып, колун силкип таштады* («Ала-Тоо»). *Өз алдынча кобураган Динар колун силке берип баракка сыя тамызды* (Сыдыкбеков). 3. Булкуу, кагуу, тартуу. *Боз айгыр үйүрүнө карап азынаса, тизгинин катуу силкип коюп, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев). *Кара кашканын тизгинин силккенде, тынчтана түштү* («Жаш ленинчи»).

**СИЛКИ** **силк** менен бирдей.

**СИЛКИЛДЕ** Каарын төгүп, ачууланып калчылдоо.

**СИЛКИН** 1. Күбүнүү, кагынуу. *Силкингенде жүнүнөн, Ар кандай шуулдап үн чыкты* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Ачуулануу, булкулдоо. *Бүгүн силкинип эле жактырбай калыпсың* («Ала-Тоо»).

**СИЛКИНТ** **силкин** этишинин аркылуу мамилеси.

**СИЛКИНҮҮ** **силкин** этишинин кыймыл атоочу.

**СИЛКИШ** **силк** этишинин кош мамилеси.

**СИЛКҮҮ** **силк** этишинин кыймыл атоочу.

**СИЛЛАБИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб.* Муунчул ыр түзүлүшү.

**СИЛЛОГИЗМ** Ой жүгүртүү. Эки ой-пикирден үчүнчү жаңы ой-пикирди чыгаруу.

**СИЛОС** Малга азык болуучу өсүмдүктөрдөн майда тууралып, атайын жасалган жайда (башня, траншея, ороо ж.б.) ачытуу жолу менен даярдалуучу чыктуу тоют. *Жүгөрүнүн силосу. Силос даярдоо.*

**СИЛОСТО** Малга тоют болуучу өсүмдүктөрдү силоско айландыруу, силос кылуу.

**СИЛОСТОО** **силосто** этишинин кыймыл атоочу.

**СИЛУЭТ** 1. Караан, сөлөкөт. 2. *сүр.* Көлөкөлөнгөн контурдук сүрөт.

**СИМБИОЗ** *биол.* Эки организмдин биригип алып, бири-бирине жабышып алып, бири-бирине пайда келтирип жашашы.

**СИМВОЛ** 1. Кандайдыр бир түшүнүктүн,

идеянын шарттуу белгиси катарында колдонулуучу нерсе; аракет же образ. *Көгүчкөн – тынчтыктын символу. Уктап жатат, балким эртең ойгоноор, Мифке айланып, Символ болуп токтоноор* (Акматалиев). 2. Белгилүү бир чондуктун тигил же бул илим тармагы тарабынан шарттуу белгилениши. *Математикалык символ. Химиялык символдор.*

**СИМВОЛИЗМ** XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башында пайда болуп, символдор системасын чындыкты көркөм чагылдыруунун бирден-бир негизги ыкмасы катары тааныган адабият менен искусствонун агымы.

**СИМВОЛИКА** Кандайдыр бир нерсеге таандык кылынган, ыйгарылган шарттуу маани. *Гүлдөрдүн символикасы.*

**СИМВОЛИСТ** Символизмди жолдоочу, ага берилген.

**СИММЕТРИЯ** Борбордун же ортоңку чийиндин эки жагына жайгашкан бөлүктөрдүн өлчөмүнүн бири-бирине дал келиши, бирдейлиги.

**СИМПАТИЯ** Жактыруу, жакшы көрүү, сүйүмөнчүктүүлүк, сүйгүнчүк.

**СИМПОЗИУМ** Кандайдыр бир илимий маселе боюнча чакырылган эл аралык кеңешме.

**СИМПТОМ** Белги, ар кайсы ооруга мүнөздүү көрүнүш.

**СИМФОНИЯ** Оркестр үчүн түзүлгөн, көбүнчө төрт бөлүктөн турган жана ар бир бөлүгү өзүнчө айырмалуу өзгөчөлүккө ээ болгон көлөмдүү музыкалык чыгарма, биригип үндөшүүчүлүк.

**СИНАГОГА** Еврейлердин динге сыйына турган жайы.

**СИНГАРМОНИЗМ** Үндөштүк закону. Бир сөздүн составындагы үндүүлөрдүн бири бирине тийгизген таасиринин натыйжасында тил жана эрин үндөштүгүнө ылайык ээрчип өзгөрүшү. Мисалы, тоо+лар=тоолор ж.б.

**СИНДИКАТ** *экон.* Эки же андан ашык менчик ээлеринин же фирмалардын белгилүү бир максатка жетишүү үчүн уюштурулган бирикмеси, монополия формаларынын бири.

**СИНДРОМ** *мед.* Кандайдыр бир ооруга мүнөздүү болгон белгилердин жалпылыгы.

**СИНЕКДОХА** Бир нерсе жөнүндө түшүнүк берүү үчүн аны ошол заттын бир белгиси, бөлүгү менен же бөлүктү бүтүндүн аты менен атоо. Мисалы, жашы улуу же сыйлаган адамды *ак сакал* деп атоо.

**СИНКРЕТИЗМ** *филос.* 1. Кандайдыр бир нерсенин же көрүнүш, кубулуштардын алгачкы, жетиле элек абалын мүнөздөгөн, алардын бир бүтүн, туташ, айрым-айрым бөлүктөргө ажыратууга мүмкүн болбой турган абалы. 2. Эклектизмдин бир түрү, бири-бирине коошпой турган, ар түрдүү, карама-каршы нерселердин, көз караштардын жана көрүнүштөрдүн биримдиги.

**СИНОЛОГИЯ** Кытай тарыхын, адабиятын, тилин изилдөөчү илим.

**СИНОНИМ** Маани жагы бирдей же бир канча жакын келип, айтылышы ар башка болгон сөздөр (мис. баатыр, жүрөктүү, эр ж.б.).

**СИНОПТИК** *метеор.* Аба ырайынын прогнозун аныктоо, кабарлап туруу жагынан адис, метеоролог.

**СИНОПТИКА** Аба ырайы жана анын кандай болору жөнүндө маалымат берүү адистиги.

**СИНТАГМА** 1. Бир интонацияга бириккен жана маани жагынан ажыралгыс бирдикти түзгөн, ошондуктан кээде бир эле мүчөнүн милдетин аткарган сүйлөмдүн составындагы сөз тизмеги, сөз топтору. 2. Аныктооч менен аныкталгычтан турган сөз тизмеги. 3. Уңгу жана аны менен айкашкан мүчөлөр.

**СИНТАКСИС** Сүйлөм түзүлүшүн жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышын изилдей турган грамматиканын бир бөлүгү.

**СИНТЕЗ** Кандайдыр бир кубулуштун, предметтин анализдөө аркылуу алынган маалыматтарын, өз ара бөлүктөрү менен болгон байланыштарын ж.б. жактарын бирдикте, бирдей жалпылыкта алып, жыйынтыктоо аркылуу жүргүзүлгөн илимий изилдөө методу.

**СИНХРОН** Эки же андан көп процесстердин, көрүнүштөрдүн бир мезгилдүүлүгү, убакыт жагынан дал келүүчүлүк.

**СИНЭКОЛОГИЯ** Экологиянын бир түрү.

**СИҢ** 1. Акырындык менен сорулуп, сиңирилип кетүү. *Себелеп жааган жамгыр билинбей жердин кыртышына сиңип жатты* («Ала-Тоо»). *Көлкүлдөп күн нуруна мөңгү жибип, Кумга, коңулдарга кирет сиңип* (Мидин). 2. Ич- кен-жеген тамагы аш болуу, бойго тароо. *Сиңбеди бойго ашыбыз, Кыпкызыл канга боёлду, Кыйноону тартып башыбыз* («Манас»). *Шондогу беш минуттук бакыт даамы, Каныма беш жүз жылга сиңип калды* (Осмонов). 3. Бекем орун алуу, биротоло бекип, кабыл алынып кетүү, көндүм болуп калуу. *Турмушка сиңген жаңы салт. Кулакка сиңген сөздөр. Сөөккө сиңген адат.* 4. Эмгеги, кызматы, кадыры ж.б. өтүү, кандайдыр бир даражада белгилүү болуу, таанылуу. *Элге кадыры сиңген адам. Түбөлүк жашап каласың, Эмгегиң сиңсе заманга* (Шүкүрбеков). *Даңкы угулуп жер-жерге, Элге сиңди кызматы* (Осмонкул).

**СИҢДИ** 1. Аялдардын же кыз балдардын өзүнөн кичүү кыз бир тууганы. *Эжеси кийген тонду сиңдиси да кийет* (макал). 2. Жалпы эле өзүнөн кичүү аялдар, кыздар (улуу аялдар, кыздарга карата). *Сизге айтабыз тапшырма, Сиңдилериң биз мында* (Нуркамал).

**СИҢИМДҮҮ** Аш болумдуу, жагымдуу, жакшы сиңе турган. *Сиңимдүү тамак.*

**СИҢИР сиң** этишинин аркылуу мамилеси.

**СИҢИШ** Бири-бирине үйүр алышып, билишип, кадыр-баркы сиңип калуу.

**СИҢҮҮ сиң** этишинин кыймыл атоочу.

**СИОНИЗМ** Европада еврей буржуазиясынын арасында XIX кылымдын аягында пайда болгон реакциячыл улутчул агым.

**СИРИУС** *астр.* Чоң дөбөт топ жылдызынын аталышы. Өтө жарык жылдыз.

**СИРКЕ I** 1. Биттин жумурткасы. 2. *өт.* Томпойгон майда өсүмдүк.

**СИРКЕ II** Уксус, кычкыл суюктук. Ак серке – айран же сүзмө кошуп, кычкыл кылган сорпо. Ак сирке – ак серке болуп калган.

**СИРКЕЛЕ** 1. Сирке басып кетүү. 2. *өт.* Томпойгон майда нерселер менен кооздоо. *Бермет менен сиркелеп, Пил сөөгүнөн сабы бар* (фольк.).

**СИРКЕЛЕТҮҮ** Элдик зергерчиликте буюмду кооздоонун бир ыкмасы.

**СИРКЕСИ СУУ КӨТӨРБӨӨ** Чыртылдап урушуп, эч нерсени сүйбөө, сөз көтөрө албай силкилдөө, силкинип жактырбаган абалда болуу (көбүнчө бир жери ооруп, жаны кейип же капа болгон учурларда). *Койчу, Суусар! Сиркем суу көтөрбөй турат* (Байтемиров). *Сиркеси суу көтөрбөгөн, ачуулуу кожоюн сөздү уккусу келбеди* (Сасыкбаев). *Баласынын сиркеси суу көтөрбөй турганын байкаган байбиче келинине кулак кагыш кылды* (Каимов).

**СИРОП** Жемиштин маңызына, ширесине кант кошуп кайнатылган таттуу суюктук.

**СИСТЕМА** 1. Бир нерсени иреттүү жайгаштыруунун, айрым бөлүктөрүн өз ара байланыштыруунун ж.б. белгилүү тартиби. *Китепканадагы китептерди жайгаштыруу системасы.* 2. Коомдук түзүлүштүн формасы. *Социалисттик система. Капиталисттик система.* Бирдей максатта, багытта иш алып баруучу бир катар мекемелердин, уюмдардын белгилүү тобу, бирдиктүү жалпылыгы. *Эл агартуу системасы. Академиянын системасында иштөө.* 3. Бир нерсени уюштуруунун, өткөрүүнүн принциби, формасы. *Шайлоо системасы.* 4. Бөлүктөрү өз ара жалпылыкта, бири-бирине байланышта болуп турган бирдиктүүлүк, жалпы бир бүтүндү түзгөн түшүнүк. *Күн системасы. Нерв системасы. Тилдин грамматикалык системасы.*

**СИСТЕМАЛА** Белгилүү бир тартипке келтирүү, иретке салуу, системалуу кылуу.

**СИСТЕМАЛАН системала** этишинин өздүк мамилеси.

**СИСТЕМАЛАШТЫР системала** менен бирдей.

**СИСТЕМАЛАШТЫРУУ системалаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**СИСТЕМАЛОО системала** этишинин кыймыл атоочу.

**СИСТЕМАЛУУ** Белгилүү бир системага, тартипке келтирилген, иреттелген, системасы бар.

**СИСТЕМАТИКА** Тирүү нерселердин баарысын жай-жайы менен иреттеп, жөнгө салып, классификациялоочу тармак.

**СИСТОЛА** Жүрөктүн жыйрылышы.

**СИФОН** 1. Бир учун суюктук куюлган идишке салганда, экинчи башынан суюктук куюлуучу, ийилген түтүк. 2. Газдуу жана минералдуу суулардын дымын чыгарбай турган түтүгү бар буюм. 3. Паровоздун от жагыла турган жеринде оттун жакшы күйүшүн желдетип тездетүүчү жабдык.

**СКАЛЬПЕЛЬ** Хирургдардын кесүүгө колдонулуучу бычагы.

**СКАМЕЙКА** Тактайга же башка жука материалга бут орнотуп, башка отургучтардан узун кылып жасалган орундук.

**СКАНЕР** 1. Радиоизотоптук диагностика кылуучу түзүлүш. 2. Текст, графика, сүрөттөрдү компьютердин эсине оптикалык жол менен киргизүү.

**СКАРЛАТИНА** Тамакты ооруксунтуп, этке кызыл бүдүрлөр чыгарып кармоочу, көбүнчө балдар ооруй турган жугуштуу илдет.

**СКАРПЕЛЬ** *сүр.* Таштын ар кандай түрлөрүн иштетүүдө скульптор колдонгон болот аспап.

**СКАФАНДР** Суучулдар кие турган суу өткөрбөс жана астратонавттар, космонавттар үчүн атайлап жасалган костюм (кийим).

**СКВАЖИНА** Бургулоо инструменти аркылуу жер катмарына нууш жана терең кылып көзөлгөн тешик. *Нефть скважинасы. Газ скважинасы.*

**СКЕЙТ** Тээп жүрүүгө, ойноого ылайыкталган дөңгөлөкчөлүү тактайча. *Скейт тебүү.*

**СКЕЛЕТ** Адамдын, жаныбарлардын дене турпатынын негизин түзгөн сөөктөрдүн жалпы тутуму, бири-бирине бириккен жалпы көрүнүшү. Этинен ажыратылган жыланач сөөк.

**СКЕПТИК** 1. Скептицизмди жолдоочу. 2. Бардык нерсеге шектүү караган, ишеним кылбаган адам.

**СКЕПТИЦИЗМ** 1. Билимдин чын экендигине жана объективдүү акыйкаттын жашап турушуна шек саноочу философиядагы агым. 2. Бардык нерсени шек саноого алууга умтулуу, бир нерсенин акыйкат экендигине ишенбей сын көз караш менен мамиле кылуу.

**СКИПИДАР** Ийне жалбырактуу жыгачтардын чайырларынан иштелип чыгарылган медицинада, лак жана боёк жасоо өндүрүшүндө ж.б. колдонула турган жыты күчтүү суюктук.

**СКИФТЕР** *тар.* Б.з.ч VII–III кылымдарда түндүк Кара деңиз боюнда жашаган, иран тилинде сүйлөгөн байыркы уруулар.

**СКЛАД** Ар кандай нерселерди жайгаштырып сактоо үчүн пайдаланылуучу жай, имарат, кампа.

**СКЛЕРА** Көздүн ак чели. Омурткалуу жаныбарлардын көз чанагынын арткы бөлүгүн каптап турган, ал эми каректин алдында көздүн чанагына сааттын айнеги сымал киргизип койгондой, тунук айнек челге өткөн сырткы тыгыз бириктиргич ткандан турган чел.

**СКЛЕРОЗ** *мед.* 1. Ткандардын өсүшүнөн органдардын иштөө процесси бузулуп, ката башташы. 2. Унутчаактык.

**СКОЛИОЗ** *мед.* Дененин бир жак капталга кыйшайып калышы.

**СКОТЧ** Чаптоо, тануу сыяктуу иштерде керектелүүчү түрмөктөлгөн жабышкактуу тасма.

**СКРЕПКА** Кыстыргыч, кагазды бири-бирине кыстыра турган төөнөгүч.

**СКРИПАЧ** Скрипкада ойноочу музыкант.

**СКРИПКА** Төрт кылдан турган жогорку тембрдеги кыл кыяк сыяктуу музыкалык аспап.

**СКУЛЬПТОР** Скульптуралык чыгармаларды түзүүчү, жасоочу художник, айкелчи.

**СКУЛЬПТУРА** 1. Жабыштыруу, жонуу, кесүү, чегүү, оюу жолу менен статуя, бюст, барельеф ж.б. сыяктуу искусстволук чыгармаларды түзүү өнөрчүлүгү, айкелчилик. 2. Искусствонун ушул түрүнө таандык чыгармалар, айкел.

**СЛАЙД** Тунук нерсеге, пленкага басылышын талап кылбаган сүрөт, диапозитив.

**СЛАЙД-ВИТРАЖ** Слайддан түзүлгөн витраж.

**СЛАЙД-СЮЖЕТ** Слайддын тобу, көрсөтүүнүн жыйыны.

**СЛАЙД-ФИЛЬМ** Слайд аркылуу көрсөткөн фильм.

**СЛАЙДОТЕКА** Слайд тандоо, жыйын.

**СЛЁТ** Кандайдыр бир массалык уюмдардын, бир кесиптеши өкүлдөрдүн жыйналышы, съезди. *Алдыңкы малчылардын слёту.*

**СМАРТ-КАРД** *инф.* 1. Ичине микропроцессор орнотулган пластик кард. 2. Кредит кард өлчөмүндөгү түзүлүш, ал мекемелерде жетүү коду менен бирдикте сертификат негизинде нускасын текшерүүдө жана системага бир жолу кирүүдө колдонулат.

**СМЕНА** Жумуш иштөөнүн, окуунун бирин-бири алмаштырганда, которгонго чейинки иштеп же окуп турган мөөнөтү, убактысы. *Шахтёрлорду таңкы сменага чакырган гудок созолонду* (Сасыкбаев).

**СМЕНАЛЫК сменага** таандык. *Сменалык мастер. Сменалык бригадалар.*

**СМЕТА** Болочок киреше, чыгашалардын эсептелип чыккан эсеп-кысабы, бир нерсенин болжолдуу эсеп-чоту. *Смета түзүү.*

**СНАЙПЕР** Таамай, так атуу чеберчилигине ээ болгон аткыч, көзгө атар мерген.

**СНОСКА** Беттин этегине жазылып, негизги жазуудан бөлүнгөн текст.

**СОБОГӨЙ** Кайыптан кабар берүүчү, далычы, төлгөчү.

**СОБОЛ** Суроо. *Собол бер. Собол сура. О, паңсат үкем... О, жакшылар, бир соболго жол барбы?* (Касымбеков).

**СОБОР** 1. Жыйын. Байыркы Руста – мансаптагы же шайланган адамдардын жыйналышы. 2. Чоң чиркөө.

**СОВЕТ** 1. Социалисттик коомдун саясий түзүлүшүнүн формасы болуп эсептелген, жумушчу табынын диктатурасын жүзөгө ашырган мамлекеттик бийликтин органы. *Эмгекчилердин шаардык Совети.* 2. Ар түрдүү коллегиялык органдардын аты. *Министрлер совети. Окумуштуулар совети.*

**СОВЕТОЛОГ** Советология боюнча адис.

**СОВЕТОЛОГИЯ** Советтик доордун маданиятка, ар кандай жашоонун багытына, коомго болгон таасирин изилдөөчү дисциплинанын жыйыны.

**СОВЕТТИК** Советтер өлкөсүнө, совет мамлекетине, анын бийлигине таандык, тийиштүү.

**СОВНАРКОМ** *тар.* Эл Комиссарлар Совети.

**СОВХОЗ** Социалисттик мамлекеттин айыл чарба өндүрүшү. *Дан чарба совхоздору. Мал чарба совхоздору.*

**СОГОН** Кумдуу жерге өсүүчү жапайы пияз. *Согону кумда түптөгөн, Соорусун гүлүн ачпаган* (Тоголок Молдо). *Талды-Булакта тоолордун беттеринин баары согон, танаа, сонун чөп* (Сасыкбаев).

**СОГОНЧОГУ КАНАБОО** Такыр төрөбөө, бала көрбөө. *Жашың отуздан ашса да, согончогуң канабаган куу баш, баланын баркын билбейт экенсиң* (Касымбеков). *Өмүр бою согончогу канабаган Асыйпа баланы кадимки энедей эмизип бакты* («Советтик Кыргызстан»).

**СОГОНЧОК** 1. Буттун апкытка туура келген бөлүгү. *Согончогум туурулду, Заманам жаман куурулду* (Токтогул). *Катуу суук чилдеде Согончогум жарылган* (Барпы). 2. Бут кийимдин апкыты. *Өтүгүнүн согончогу менен атын боорго ныкып койду* («Ала-Тоо»). *Токтогул кара чокойдун согончогу менен торпогун колтукка тээп калды* (Токомбаев).

**СОГОНЧОКТО** Согончок менен ныгырып басуу, такандап басуу. *Алардын артынан үй багуучу Үсөнбай да согончоктой басып кетти* («Чалкан»).

**СОГУЛ** 1. **сок** этишинин туюк мамилеси. 2. Бир нерсеге тийүү, урунуу, кагылуу. *Таштан ташка согулган Чүйдү жээктеп зымырыла жөнөдү* («Советтик Кыргызстан»).

**СОГУЛТ согул** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОГУЛУУ согул** этишинин кыймыл атоочу.

**СОГУМ** Байлап семиртип, кышка карата союла турган мал. *Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта* (макал). *Боз бээнин семиздигине кызыгып Белек өзү согумга союп алды* (Жантөшев).

**СОГУМ ЧҮЙГҮН БОЛСУН** Союлган мал семиз болсун, эт берекелүү болсун деген сыяктуу каалоо маанисинде айтылат. *Кадырдын «согум чүйчүн болсун» деген сөзүнө ичеги-карын арытып жаткан Мария чүйрүң-чүйрүң этип, «жегилик кылсын» деп тамашалай жооп берди* («Чалкан»).

**СОГУУ сок** этишинин кыймыл атоочу.

**СОГУШ I** Мамлекеттер, айрым элдер же уруулар арасында болгон куралдуу күрөш, кагылыш. *Улуу Ата Мекендик согуш.*

**СОГУШ II** Урушуу, мушташуу, кармашуу.

**СОГУШТУК согушка** таандык. *Согуштук наам. Согуштук абал.*

**СОГУШТУР согуш** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОГУШУУ согуш** этишинин кыймыл атоочу.

**СОГУШЧУЛ** Согушчан, согуш ачууну, талоончулукту сүйгөн.

**СОДА** Тиричиликтеги түрлүү максаттар үчүн, техникада, медицинада, кулинарияда ж.б. колдонулушуна жараша составдык өзгөчөлүктөрү бар ак порошок түрүндөгү зат.

**СОЁЧОР** *анч.* Бир жаштагы бугу.

**СОЗ** 1. Жумшак, үлпүлдөк затты чоюп узартуу, созултуу. *Жүн созду. Жибек созду.* 2. Сунуу (колду, моюнду ж.б. ). *Көрсөттү бир карыя колун созуп, Караса бирөө келет жолун тосуп* (Үмөталиев). *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков). 3. Үндү, обонду узарта чыгаруу, көпкө улантуу. *Ырдаймын талбай толкундап, Ыраакка созуп үнүмдү* (Нуркамал). *–Ким бар? – деди дарбазанын сыртындагы киши үнүн созуп* (Каимов). 4. Кечендетүү, создуктуруу, саалытуу, тез бүтүрбөө. *Ишти созо бербей, тезинен бүтүрүү керек эле. Жыйналышты көпкө созбой эле бүтүрсөк боло.*

**СОЗДУГУУ создук** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЗДУК** Кечендөө, көпкө созулуу. *Иш создугуп кетти.*

**СОЗДУКТУР создук** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЗДУР соз** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЗОЛОН** 1. Бир топко чейин созулуп чыгуу (мис. үн, дабыш). *Созолонгон ырдын күүсүн уккандын, Үнсүз, сөзсүз жүрөгүнө так калды* (Бөкөнбаев). *Оркестрдин созолонгон шаңдуу марш күүсү жаңырды* («Советтик Кыргызстан»). 2. Сүзүлүү, керилүү, суйкаюу, чоюлуу. *Созолонгон жаш келин.*

**СОЗОЛОНТ созолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЗОЛОНУУ созолон** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЗУЛ** 1. **соз** этишинин туюк мамилеси. 2. Назик, токтоо мүнөздө болуу. *Созулган жакшы киши. Жибектей созулган кыз.*

**СОЗУЛТ созул** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЗУЛУУ созул** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЗУУ соз** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЙ** 1. Мууздап, терисин сыйыруу (малды же башка жаныбарларды). *Конок тойбодум деп таарынбайт, сойбоду деп таарынат* (макал). 2. Жешке ылайыктап кесүү, тилүү (мис., коонду, дарбызды). 3. *өт.* Катуу жазалоо, сабоо, өлөрчө жанчып уруу; катуу уят кылуу, айласын кетирип, жерине жеткирип, сөзгө жыгуу.

**СОЙГОК I** *анч.* Капкандын ордун казуучу аңчынын куралы.

**СОЙГОК II** Куурап, саргайып калган чөптөрү бар жантаймадагы тайгак, жылбышкак. *Бөксө тоолордун чөбү кубарып, жер сары сойгок болуп калган учур* (Каимов).

**СОЙГОЛОКТО сойголон** менен бирдей.

**СОЙГОЛОН** Сойгок жер менен сыйгаланып, жылбышып кетүү, сойголоктоо, тайып кетүү.

**СОЙГОЛОНТ сойголон** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЙГОЛОНУУ сойголон** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЙДУР сой** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЙКУ** Ойсоктогон, ойкуштаган, жеңил кыял, ойсоке (аялдар, кыздар жөнүндө).

**СОЙЛО** 1. Боору менен жылуу, боортоктоп жылып өтүү. *Арзымат сойлоп чыгып окобунан, Бир танкты шише менен уруп калды* (Үмөталиев). *Жылан сойлоп өтө алгыс жер.* 2. Бир нерсенин ичине, арасына аралай кирүү, бойлой кирүү, сүңгүп кетүү. *Өпкөгө найза сойлогон* («Манас»). *Чилдер карга сойлоп калган боюнча жашырынып жата берет* («Жаш ленинчи»). 3. Сулаган, жатып калган абалда болуу. *Бир койгондо үчөө-төртөө сойлоп калат* («Чалкан»).

**СОЙЛОО сойло** этишинин кыймыл атоочу

**СОЙЛОТ** 1. **сойло** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *өт.* Жазасын берүү, жок кылуу, көргүлүктү көрсөтүү. *«Сойлотом!» деп жулунган менен колунан эчтеме келбейт* («Ала-Тоо»).

**СОЙМОЛ** Жылан. *Кара чаар соймолго да кара санабаган жан эле* (Даникеев).

**СОЙМОНДО** Иймендөө, сойлоктоо. *Тили соймоңдойт. Жылан соймоңдойт.*

**СОЙМОНДОО** **соймондо** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЙМОНДОТ** **соймондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОК** 1. Уруу, чабуу, коюп калуу. *Темирди кызуусунда сок* (макал). 2. Кагуу (жүрөк, тамыр жөнүндө). *Болкулдап, согуп алат албуут жүрөк* (Турусбеков). *Өкүнтөрмүн эрдин кесе тиштентип, Жүрөк сокпой, жүлүн токтоп калбаса* (Мидин). *Тамыры араң эле согот* («Ала-Тоо»). 3. Токуу. *Өрмөк сок. Мээлей сок. Килем сок.* 4. Жүрүү (шамалга, желге карата). *Атыр жел согот жай менен, Жигитке таалай бүтпөйбү Акылман сулуу жар менен* (Токтогул). 5. Куруу, салуу, жасоо. *Жыйырма бешинчи жылга чейин кулактардын дубалын согуп кол жоорутпадыкпы* (Сыдыкбеков). 6. *сүйл.* Ичүү, жеп, алып жиберүү. *Үч-төрт аяк бозону бир отурушта эле согуп алат* («Ала-Тоо»). *Бирок арактан өзүң качпайсың, Жалгыздап сого баштайсың* (Шүкүрбеков).

**СОКБИЛЕК** 1. Сокунун жанчуу, күйшөө, майдалоо үчүн ургулай турган кошумча куралы. 2. *диал.* «Ханвазир» оюнунда женди түрүп, чыканакты төбөгө чейин көтөрүп, анан муштум менен коюп жиберип жазалоо түрү. *Үч жолу сокбилек ал.*

**СОККУ** 1. Күү менен, катуу күч менен урулуудан, согулуудан чыккан кагылыш. 2. Оор кайгы, түйшүк, азап. *Сүйгөн жарынан ажыроо кандай оор, кандай сокку!* (Абдукаримов). 3. Жеме, кагуу; таяк, тепки. *Мына, соккуну балдардан жедиңби!* (Бейшеналиев). *Катуу сокку жеп калган соң, ал адатымды таштайын дедим* («Ала-Тоо»). 4. Душмандын, жоонун мизин кайтаруу, кыйратуу үчүн көрсөтүлгөн каршылык, чабуул же анын түрлүү башка аракеттери. *Душманга сокку уруу. Зор эмгегим сокку болор душманга, Ошондуктан күндөн-күнгө чамдаймын* (Осмонкул).

**СОКМО** 1. Согулуп, токулуп жасалган, согулган, токулган. *Сокмо жоолук. Сокмо таар.* 2. Урма, уруп согулган. *Сокмо дубал. Сокмо там.*

**СОКМОККО САЛУУ** Туура болсо да, болбосо да, билсе, билбесе да өз билгениндей, эптеп окшоштура берүү. *Атамын агрономдук билими жок, эски тажрыйбалары менен сокмокко салып иштеп жүрөт* (Жапаров).

**СОКО** Жер айдоо үчүн колдонулуучу жазы калак тиштүү айыл чарба шайманы. *Дмитрий чоң ата араба деле жасайт, сокону деле оңдойт, аттарды такалайт* (Сыдыкбеков). *Төрт тиштүү соко.*

**СОКОЛО** Жерди соко менен айдоо. *Соко соколоп жүргөн дыйкан.*

**СОКСОЙ** Сороюп чыгып туруу, бийик, узун болуп көрүнүү. *Олтурган Жолой оксоюп, Олут алып соксоюп* («Манас»).

**СОКСОЙТ** **соксой** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОКСОКТО** Соксоң-соксоң этип, андамында бир тийип, секирип чуркоо. *Өйдө-төмөн сайгактап, Уйлар качат соксоктоп* («Эр Төштүк»). *Алда кайда оттоп жүргөн кызыл короз өзүнөн өзү соксоктоп уча качып, койкоктоп кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

**СОКСОНДО** Сорондоп, үрпөндөп кыймылдоо, жүгүрүү.

**СОКСОНДОО** **соксондо** этишинин кыймыл атоочу.

**СОКСОНДОТ** **соксондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОКСОЮУ** **соксой** этишинин кыймыл атоочу.

**СОКТУК** 1. Тийишүү. *Ал экөө тең бейжайлыгы аркасында Каныбекке көп соктугушат* (Жантөшев). 2. Жолугуу, учуроо. *Жолдо жолдошума соктуга өткүн.* 3. Урунуу, тийүү. *Катуу жел согуп, тоодой толкундар келип, биздин кораблдерге соктугат* (Баялинов). 4. Алпурушуу. *Кебек карыя жаштайынан бери эмгекке соктуккан, күнгө күйүп, шамалга бышкан* (Байтемиров).

**СОКТУР** **сок** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОКУ** Данды (арпа, таруу, конок ж.б.) ичине салып, сокбилек менен күйшөө, жанчуу же башка бир нерселерди майдалоо үчүн колдонулуучу жыгач же темирден жасалган ичи оюк үй буюму. *[Берди] көмөрүлүп турган сокунун үстүнө басып отурду* (Жантөшев).

**СОКУ БАШ** Башы чоң.

**СОКУ КАНТ** Чоң-чоң уютулган кант.

**СОКУЙ** Соксоюп чыгып туруу.

**СОКУЛА** Сокуга салып жанчуу; күйшөө, майдалоо.

**СОКУЛАТ** **сокула** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОКУЛОО** **сокула** этишинин кыймыл атоочу.

**СОКУР** 1. Көрүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган, көр. *Сокурдун тилегени эки көз* (макал). *Сол көзүңдөн ажырап, Сокур болуп алыпсың* (Токтогул). 2. *өт.* Билими жок, түшүнүгү, сезимдүүлүгү начар, сабатсыз. *Көзү сокурга жолуксаң жолук, көөдөнү сокурга жолукпа* (макал). *Акылмандын айткан сөзү, сал кулак, Сокур үчүн түндө күйгөн шам чырак* (Баласагын). 3. *өт.* Эч нерсеге негизделбеген, курулай. *Арстанаалы сокур намыс менен адам иштебес далай жоруктарды баштады* (Сыдыкбеков). *Сокур ишенич. Сокур үмүт.*

**СОКУР ИЙНЕ** Көзү жырылган ийне.

**СОКУР ИЙНЕСИНЕ КАРА САНАБОО** Эч жаманчылык кылбоо, зыян келтирбөө. *Зуракан байбиченин сокур ийнесине кара санабай, бар күчүн жумшап, кабагым-кашым дебей, тыным албай иштеп жүрөт* (Сыдык-

беков). **В.: Сокур тыйынына кара санабоо.** *Бирөөнүн сокур тыйынына кара санаган жан эмес.*

**СОКУР ИТ БОК ЖАЛАГАНЧА** Арыдан бери, тез эле, буйдамга келтирбей. *Мындай ишти ал сокур ит бок жалаганча бүтүрө салат.*

**СОКУР ИЧЕГИ** 1. Жоон ичегинин өзүнчө бөлүнө өсүп чыккан туюк учтуу бөлүгү. 2. Ушул ичегинин сезгенишинен пайда болгон аппендицит оорусу.

**СОКУР НАМЫС** Курулай намыстангандык, жөнү жок уялгандык, куру бекер умтулгандык. *Ушул заманда сокур намыстын кереги эмне, колдон келер ишке чуркаш керек, – деп жеңем силкинип туруп кетти* («Кыргыз руху»).

**СОКУР ӨГҮЗ** *өт.* Айсыз түн, караңгы, кулак кескен жымжырт түн. *Жатаар маалда жер кучактап жыгылган каракурттай каардуу түн сокур өгүз минип, карачаар жылан камчыланып, артына муздак из калтырып кетип калыптыр* (Станалиев).

**СОКУР СЕЗИМ** Инстинкт.

**СОКУР ТООМ** Билинер-билинбес, анчамынча, эптеп байкалган. *Укумдан тукумга сокур тоом изим калар* («Чалкан»).

**СОКУР ТЫЙЫН** 1. Пул ордуна жүрбөгөн, жырык тыйын. *Сокур тыйынча пайдасы жок.* 2. Көзгө көрүнөрлүк эмес, эч нерсеге арзырлык эмес. *Сокур тыйынчалык пайдасы жок, көзү ачылбайт. Мындай эрдин барынан жогу... Сатам!* (Өзүбекова). **В.: Сокур ийнечелик.** *Сокур ийнечелик иш кылбайт.*

**СОКУРГА ТАЯК КАРМАТКАНДАЙ** Белгисиз, түшүнүксүз, күдүк нерселердин жөн-жайын, ачык, даана түшүндүрүү, билгизүү, жол көрсөтүү маанисинде. *Жакшы кабар, жаңы заман жөнүндө Тоголок Молдонун маселдетип айткандары анын жанындагы бей-бечаралар үчүн сокурга таяк карматкандай сезилди* (Бейшеналиев).

**СОЛ I** Чалгы менен жүрүп кеткен айрым жол, сап же эгилген жашылча, бакча өсүмдүктөрүнүн жөөгү, сабы, катары. *Чалгычы аялдар солдун аягына чыгып, кайра тартышты* (Баялинов). *Пияздын солу. Сабиздин солу. Төрт сол калемпир тигилди.*

**СОЛ II** Дененин жүрөк жакКы тарабы (оңго карама-каршы тарапка) ошол тарапта болгон. *Сол жак. Сол кол. Сол көз.*

**СОЛ ЖАМБАШЫНАН ЖАТУУ** Жолу болбоо, иши начар сезилүү. *Сен түндө сол жамбашыңан жатып, жаман түш көргөн жок белең!* (фольк.).

**СОЛБУ** 1. Тандай албай бир муну, бир тигини кармоо. 2. *өт.* Бир мындай, бир тигиндей, бөлөк кыймылдоо. *Балдагын таяна бутун солбуп алды.*

**СОЛГУН** 1. Ыкчамдыгы жок, чыйрак эмес, бошоң. *Көз байланганда чарчаган буттарын солгун шилтешип Шариптер кайра тартышты* (Бейшеналиев). *Ээрде бир аз кыйшык олтуруп, камчыны солгун таштайт* (Сыдыкбеков). 2. Көңүл кош, ыргылжын. *Ишке солгун кароо.*

**СОЛГУНДА** Тез эмес, жай кыймылдоо, жай жүрүү.

**СОЛГУНДАТ солгунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛГУНДОО солгунда** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЛДАТ** Армиянын катардагы аскер кызматкери. *Солдаттардын огу тийип, Ээн коктуда, кала берген бейиттери төмпөйгөн* (Байгазиев).

**СОЛДАТТЫК солдатка** таандык. *Солдаттык тартип. Солдаттык милдет.*

**СОЛДОГОЙ** Солдойгон, узун бойлуу.

**СОЛДОЙ** Узун жана эби-сыны жок, колдогой көрүнүштө болуу. *Кароолчу бат эле кайра келип, ордуна солдоюп турду* (Бектенов).

**СОЛДОЙТ солдой** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛДОҢ-СОЛДОҢ** Солдоюп, олдоксон, эби-сыны жок көрүнүштү билдирүүдө колдонулат.

**СОЛДОЮУ солдой** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЛИСТ** Өзүнчө партияда соло менен музыкалык чыгармаларды (ырды) же бийди аткаруучу артист, бийчи.

**СОЛК ЭТПӨӨ** Кебелбөө, тоготуп да койбоо, кабагым-кашым дебөө. *Мындай кабарды укканда солк этип да койгон жок* («Чалкан»).

**СОЛК ЭТҮҮ** Кандайдыр бир күч, таасир аркылуу былк этүү, катуу чайпалууга жетпей кыска термелүү, кыймылдоо. *Дубал солк эте түштү. Чочуп кетип, солк эте түштүм.*

**СОЛКУЛДА** 1. Солк-солк этип кыймылдоо. *Жылдызым деп бакырып, Тула бою солкулдап, Туралбайт катын токтолуп* («Эр Табылды»). *Дубал солкулдайт.* 2. Ары-бери ийилген, ийилип, кайра түзөлгөн серпилгич, солкулдак абалда болуу. *Чыбык солкулдайт. Солкулдаган ышкын. Жүрөгүм тыңда, шарпылдап шуулда, сергилең, Көөнүмдү тазарт, солкулдап ыйла, кел, муңдаш* (Сариева). 3. *өт.* Толуп турган, жетилген абалда болуу, жетилүү, толуу. *Солкулдаган жигит. Ошондуктан жашарып, солкулдап турган кезегим, Ысык-Көлдөй, Соң-Көлдөй, Толкундап турган кезегим* (Тоголок Молдо).

**СОЛКУЛДАК** Серпилгич, ийилме, былкылдак, солк-солк этме. *Солкулдак араба. Солкулдак керебет. Солкулдак чыбык. Солкулдак ышкын.*

**СОЛКУЛДАТ солкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛКУЛДОО солкулда** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЛО I** 1. Шыкоо, тыгуу, толтура салуу. *Акең ушул барышта да чөнтөгүнө далайды солоор* (Бейшеналиев). 2. *диал.* Камоо, камап, бекитип коюу. *Козуларды солоп койдук.*

**СОЛО II** Бир үн же бир аспап үчүн жазылган же өзүнчө партияда бир киши аткарган музыкалык чыгарма же бий.

**СОЛОГОЙ** Оң колуна караганда сол колу менен жакшы иштөөгө өнөкөттөнгөн, сол колу оң колдой иштөөгө маш, ийкемдүү. *Сологой киши.*

**СОЛОГОЙЛУК** Сол колу менен иштөөгө өнөкөттөнгөндүк.

**СОЛОК ЭН** Кулактын учуна жаңырган айдай же бакандын ачасындай формада салынган эн.

**СОЛОТ** **соло** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛУ** 1. Өсүп, көгөрүп турган кезиндеги жаңылыгын, жаштыгын жоготуу (өсүмдүк жөнүндө). – *Жок, эртеңге калса, көчөттөр солуп калат* (Баялинов). *Солуган гүл. Суу жетпеген эгиндер солуй баштады.* 2. *өт.* Алсыроо, дарманы кетүү. *Солуп жатат дарманы жок, Кээде гана козголот* (Бөкөнбаев).

**СОЛУКТА** 1. Ичине тарта энтигип, тез-тез дем алуу. *Ысыкта торпоктор сууга келип токтойт, күндүн илеби кайтканча солуктап дем алып, суудан чыкпайт* («Ала-Тоо»). 2. Энтигип, тез-тез дем тартып ыйлоо. *Солуктап ыйлап отурган бала.*

**СОЛУКТАТ** **солукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛУКТОО** **солукта** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЛУТ** **солу** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОЛУУ** **солу** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЛЧУЛ** *саяс.* Сырткы көрүнүшү жагынан радикалдуу, майда буржуазиялык негиздерин революциялык фразалар менен жаап-жашыруучу, оппортунисттик партияны жактоочу.

**СОЛЬФЕДЖИО** Сөздөрдүн ордуна ноталарды колдонуу менен ырдоого көнүгүү.

**СОМ I** Жүз тыйынга барабар акча бирдиги жана акчанын, монетанын ушундай бааны билгизген белгиси. *Бир сом. Жүз сом. Миң сом.*

**СОМ II** Уютуп койгондой, жумуру, чулу. *Сом темир. Сом туяк. Камыш кулак, сом туяк, Каса тулпар андан көп* («Манас»).

**СОМДО** 1. Сом, жумуру, чулу формага келтирүү. 2. Бир нерсенин болжолдуу кебетесин берүү, толук бүтө элек турпатын түзүү. *Орус жолдоштордун жардамы аркасында Токтогул балта менен сомдоп, карагайдан комуз жасап алды* (Бөкөнбаев). *Ээр сомдо.* 3. *өт.* Өлтүрүү, жайлоо. *Кармаша чыккан жоо болсо, Кабыланча сомдойбуз* («Манас»). *Атынан айрып калмакты, Ай балта менен сомдоюн* («Эр Табылды»).

**СОМДОЛ** **сомдо** этишинин туюк мамилеси.

**СОМДОО** **сомдо** этишинин кыймыл атоочу.

**СОМДОТ** **сомдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОМО** Жалпы жону, жалпы жыйынтыгы, болжолу. *Шарип жалпы сөздүн сомосун улап олтуруп, эптеп түшүндү* (Бейшеналиев).

**СОМОЛО** Жалпылоо, жалпы жыйынтыгын, болжолун берүү же айтуу. *Шарип окуу, шаар, келечектеги өлбөс кесип жөнүндө сомолоп бирдемелер айткансыды* (Бейшеналиев). *Сатар сөзүн сомолоп айтты* (Таштемиров).

**СОМОЛОО** **сомоло** этишинин кыймыл атоочу.

**СОМОЛОТ** **сомоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОНАТА** Ар түрлүү темптеги жана ыргактагы үч же төрт бөлүмдөн түзүлгөн музыкалык чыгарма.

**СОНЕТ** Эки жолу төрт саптан (катрен) жана эки жолу үч саптан (терцет) түзүлгөн, он төрт саптан турган, ыр формасы.

**СОНО I** Чиркейдин бир түрү.

**СОНО II** 1. Өрдөк, каз, чулдук сыяктуу суу куштарынын жалпы наамы. *Кары билет кааданы, карчыга билет сонону* (макал). 2. Жапайы өрдөктүн бир түрү. *Өрдөктөр үчөө. Бири соно, бири чүрөк, үчүнчүсү темир канат балапан* (Жантөшев). *Көк аламоюн соно алды* («Манас»).

**СОНОР I** 1. Жаңы жааган жаш кар. 2. Жаңы издерди кууп, ушундай карда кылган аңчылык. *Ыбырайым деген аңчыга кошулуп сонорго чыгат* (Каимов). *Сонор кууган аңчыга Кыламык жааган кар жакшы* («Мендирман»). *Сонундап сонор кылалык* («Манас» С.О.). *Сонор болуп жаңы кар, Калган экен эленип* («Эл адабияты»).

**СОНОР II** *аңч.* Эркек өрдөк.

**СОНОРЛО** Жаңы жааган карда аңчылыкка чыгуу. *Бөксөгө чыгып сонорлоп, Бөрүнү атып кыйратты* (Тоголок Молдо).

**СОНОРЛОО** **сонорло** этишинин кыймыл атоочу.

**СОНОРЛОТ** **сонорло** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОНОРЛОШ** Аңчылыкка кошо чыккан жолдош. *Ал экөө беш-алты күндөй сонорлошуп кайтты.*

**СОНУН** Эң жакшы, мыкты, абдан кооз, сулуу, абдан кызык. *Ай чачырап, жылдыз көп, Ажайып сонун турмуш көп* («Олжобай менен Кишимжаш»). *Эскирип кеттим кошулбай Эмки сонун турмушка* (Токтогул). *Балам, тиктеп карачы, Акбары жандын сонуну* (Токтогул). *Апа акча берчи. Сонун кино келиптир* (Жакиев).

**СОНУНДА** 1. Улам жакшысын, жаңысын, кызыктуусун, сонунун тандоо. *Сонундап, сонундап алды.* 2. Сонун кылуу,

мыктылоо, адам кызыгарлык кооз, сулуу абалга келтирүү. *Токтогул өз жанынан кошуп сонундап ырдап черткен* (Бөкөнбаев). 3. Сонун көрүү, кызыгуу, суктануу. *Москва кызык, Мен сонундап баратам, Көңүл учат, Мен сонунду жаратам* (Токомбаев).

**СОНУНДАТ сонунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОНУНДОО сонунда** этишинин кыймыл атоочу.

**СОНУНДУ КӨРҮҮ** Катуу жаза тартуу, сазайы окулуу, кыйноо тартуу. *Соо калбайсың, өлөрсүң, Сонунду ошондо көрөрсүң* («Манас»).

**СОНУНДУК** Сонун көрүнгөндүк, сонун болорлук. *Сонундукка көрүп кел, Ак-Сай, Арпа төрүмдү* (Осмонкул).

**СОНУРКА** Кызыгуу, сонун көрүү. *Көк менен кучакташкан үйлөрүңдү, Сонуркап чарчабадым карагандан* (Осмонкул). *Койдун туут учурун сонуркаган балдар дем алыш күнү көп келишет* (Жантөшев).

**СОНУРКАТ сонурка** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОНУРКОО сонурка** этишинин кыймыл атоочу.

**СОҢ** Кийин, арт жак, акыры. *Бирдин соңу. Кең Ак-Чийдин боюнда, Келе жатат карт буудан, Он эки тулпар соңунда* («Семетей»). *Кыңыр иш кырк жылдан соң да билинет* (макал).

**СОҢКУ** Акыркы, кийинки. *Соңку кездерде Тургундун колунун күчү, көзүнүн курчу кетип, колхоздун коюна өткөн* (Баялинов). *Бул Касейиндин соңку каты болучу* (Сыдыкбеков).

**СОО** 1. Оору эмес, дени сак, таза; майыбы жок. *Дени-карды соо. Буту-колу соо.* 2. Мас эмес, ичкилик ичпеген. *Ыржактайсың жөнү жок, Соо кишини жадатып* (Шүкүрбеков). 3. Жөн, чыр-чатаксыз, балакети жок. *Бул сагызган соо шакылыктап жаткан жери жок* (Жантөшев). *Бул бизди соо койчу неме эмес. Деги бул тумакчан киши соо киши эмес го!* (Сасыкбаев).

**СООГА** Түшкөн олжодон берилүүчү сыйлык, ыйгарылган шыбага. *Толуп жаткан кийиктен бизге соога бериңиз. Соога, төрөм, соога дейт, Басылды го коога дейт* («Семетей»).

**СООГАТ I** Олжодон-кирешеден бөлүнүп берилүүчү үлүш, энчи. Көбүнчө согуштук, же аңчылыктагы олжо-пайдадан бирге катышкандарга, же жолдо кезиккендерге бөлүнүп берилүү. *Соогат-салам барбы? – деп Канга кабар айтышып* («Манас» С.О.). *Соогатка келген малдарга, толуп калды бир талаа* («Эл адабияты»). *Эртеден кечке сүйлөшүп, Соогат болот турбайбы* («Эл адабияты»).

**СООГАТ II соога** менен бирдей.

**СООГАТЧЫ** Олжодон алууга акысы бар адам.

**СООДА** Сатык, алыш-бериш, сатуу, сатып алуу. *Соодада – достук жок, Саламда – борчтук жок* (макал). *Мамлекеттик соода. Ички соода. Тышкы соода. Чекене соода. Дүң соода.*

**СООДА-САТЫК** Сатуу же сатып алуу иши; соода. – *Эмне жумуш менен келдиң эле? Же соода-сатыгың барбы?* (Жантөшев).

**СООДАГЕР** Өз алдынча соода ишин жүргүзгөн адам, сооданы жакшы билген, соода кыла билген. *Алтыга сатып, бешке алган – соодагердин адаты* (макал). *Дыйкандардын карды ток, Соодагерде нысап жок* (Токтогул).

**СООДАГЕРЛИК соодагерчилик** менен бирдей.

**СООДАГЕРЧИЛИК** Жекече соода ишин жүргүзүү, соода кылуу кесиби. *Ээси кылбаган айланы кылды, Соодагерчилик кылып, Буту жеткен жердин баарын кыдырды* (Борбугулов).

**СООДАЛА** Соода кылуу, товарларды сатуу, сатып алуу ишин жүргүзүү.

**СООДАЛАТ соодала** этишинин аркылуу мамилеси.

**СООДАЛАШ соодала** этишинин кош мамилеси.

**СООДАЛОО** 1. **соодала** этишинин кыймыл атоочу. 2. Кандайдыр бир нерсенин сатууга же сатып алууда анын баасын бычып алуу.

**СООДАСЫ БҮТҮҮ** Мурдагысындай болбой иши начарлап, колунан эч нерсе келбей калуу, керектен чыгуу. *Анда менин соодамдын бүткөнү* (Байтемиров). **В.: Соодасы түгөнүү.** *Ай талаада атынан ажырап жалгыз отурган Жалий соодам түгөндүбү деп, бармагын тиштеп, өкүнүч заар таштады* (Бейшеналиев).

**СООЛ** 1. Кайноо, бууланнуу аркылуу азаюу, бөксөрүү же такыр түгөнүү. *Эт кайнай берип, сорпосу соолуп калыптыр* («Ала-Тоо»). 2. Түгөнүп акбай калуу. *Сугатына бир катар, Суук булак соолгон* («Манас»). 3. Жок болуу, түгөнүү, биротоло жугу үзүлүү, куруу. *Тукуму соолду. Тилеги соолду.*

**СООЛТ соол** этишинин аркылуу мамилеси.

**СООЛУК I** Беш жашка караган кой. *Байгесинин башына Токсон тубар бээ сайды, Тогуз жүз соолук кой сайды* (Тоголок Молдо). *Короодо коюн эң семиз, Соолугу төлдөйт жылда эгиз* (Барпы).

**СООЛУК II** 1. Басылуу, жоошуу, тынчуу. *Деп Табылды оолугуп, Ачуусун тыйып соолугуп* («Эр Табылды»). *Ыйлап соолукканча бир топ убакыт өтөт* («Ала-Тоо»). 2. Масы тароо, соо (мас эмес) абалга келүү.

**СООЛУУ соол** этишинин кыймыл атоочу.

**СООП** Диний түшүнүк боюнча: тиги дүйнөдө өз жан жыргалы, күнөөсүз болуп, бейишке чыгышы үчүн бирөөгө жакшылык

кылуу; жардам көрсөтүү же башка диндик максаттар үчүн кызмат көрсөтүү. *Анык соол издесе, Жесир менен жетимге, Ондон бирин зекеттин, Кайрылышып койбойбу* (Токтогул).

**СООП БОЛУПТУР!** Чала, ошондой болмок! Ошондой болсун! деген мааниде бирөөнү табалоо иретинде колдонулат. *Соол болуптур, ал ошону көрмөк.*

**СООПКЕР** Дин ишениминде: күнөөнү кечире турган, жанга пайдасы тие турган иш. *Ким сооркер, кайрикер, Өзүлөрү ойлосун* (Токтогул). *Сооркер сендей өткөн жок, Кычкачын колго кармаган, Кылбаган иши калбаган* (Тоголок Молдо). *Соопко белин байлаган сооркер сендей өткөн жок.*

**СООПКЕРЧИЛИК** **соопчулук** менен бирдей.

**СООПЧУЛУК** Жасаган жумушу менен бирөөгө жакшылык кылуу. *Соопчулук үчүн ушул катты окуп берер бекенсиз?*

**СООРОН** Ыйлап басылуу, ыйын токтотуу. *Ал ыйлап сооронгонсуп, энтиге түшүп улутунду* (Токомбаев). *Алооке келет дегенде, Ыйлаган бала сооронду* («Манас»).

**СООРОНУУ** **соорон** этишинин кыймыл атоочу.

**СООРОНЧ** *диал.* Бирөөгө көңүл айтып, кайрат бергендик.

**СООРОТ** Ыйлагандын ыйын басуу, сооронгудай кылып кайрат айтуу, көңүлүн көтөрүү, ыйдан алаксытуу. *Канчалык өзүмдү өзүм сооротсом да, Бул тагдырга ушинтип көнө албайм ээ!* (Байгазиев).

**СООРОТКУЧ** Сооротуучу, ыйлаганын, кыйкырганын ж.б. басуучу.

**СООРОТУУ** **соорот** этишинин кыймыл атоочу.

**СООРУ** 1. Куймулчак менен эки жамбаштын үстү жак бөлүгү. *Куукулаган элдин үнү кырчада, Сан камчыдай соорусуна басылып* (Кулумбаев). *Соорусу казандай. Жакып күдүңдөп жаш жылкынын башын, жонун, соорусун сылагылап, бүтүн кармап көрдү* (Бейшеналиев). 2. Малдын жамбаш менен куймулчак арасындагы териси жана андан жасалган кайыш. *Ат өлгөндө жамандар, Соору керек болучу* («Манас»). *Чоң кисе жанда шалпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

**СООРУЛА** Соору чабуу, атты сооруга чаап жүгүртүү, бастыруу. *Аттарын соорулап айыл ичине кире келишти* («Чалкан»).

**СООРУЛАТ** **соорула** этишинин аркылуу мамилеси.

**СООРУЛУУ** 1. Соорусу чоң. 2. Түшүм бере турган, мыкты, дыйканчылыкка жайлуу (жер жөнүндө). *Көпөстөр кыргыздын соорулуу, сонун жерлерин бүт ээлеп алышкандыктан, томаяктар жерсиз кала беришти* (Сасыкбаев).

**СООРУН** 1. Улак тартышта той-тамашаны, ашты уюштурган тараптан атайын бөлүнгөн байге, мөрөй. *Сүрөлгөн атка соорун жок. Укпай калдым дебегиле, чечип таштагыла эмитен күлүктөрдүн чылбырын* (Касымбеков). *Мелдеши чоң соорунун, Жайнактар берип коёт дейт* («Эл адабияты»). 2. Согуштан же аңчылыктан олжо таап келе жатканда алдынан чыгып калган адамдын ошо олжонун бир бөлүгүнө акысы бар болуу.

**СООРУНЧУ** *диал.* Аш-тойго келген адам. *Сооруңчу болуп келгенден бери эле оорул калды.*

**СООРУСУН** *диал.* Сарымсак, тоо пияздын жаш өзөк сабагы. *Атаганат жеңе, соорусун алып келсем, ээ? Согону кумда түптөгөн, Соорусун гүлүн ачпаган* (Тоголок Молдо).

**СООТ** Ок, найза, кылыч ж.б. согуш куралдарынан же октон сактануу үчүн кийилүүчү көйнөк формасында согулган жоокердик кийим. *Чарайна, соот, кыягы* («Манас» С.О.). *Чарайна, соот жамынып, Далылуунун баарысы* («Эл адабияты»). *Соот кийип чыңданып, Кара боюн тыңданып* («Манас»).

**СООТЧОН** Соот кийген, соот кийимчен.

**СОП** Кошко, арабага чегилген өгүздөрдү айдоо үчүн колдонулат. *Чаң чыгат темир соко жүрүп кетсе, Абамдын үнү угулат «сол-сол» деген* (Маликов).

**СОП КАМЧЫ** Өгүз айдай турган узун чоң камчы, шапалак.

**СОПКЕЛДИ** Тамыры тамакка жумшалуучу жапайы өсүмдүк.

**СОПОЛ** Кыска, чолок. *Жалгыз аты жардынын Куйругу сопол, өңү көк* (Тоголок Молдо). *Сопол куйрук келген чоң сур атка минген адам көрүндү* (Сыдыкбеков).

**СОПРАНО** 1. Аялдардын эң бийик үнү. 2. Ушундай үндүү ырчы.

**СОПСОНУН** Абдан, өтө сонун.

**СОПУ** 1. Диндик-мистикалык окуунун жактоочусу, дин кызматкери. *Сопу согон жебейт, жесе кабыгын да койбойт* (макал). *Короз сымал сопусу, Муштумдай этти сатып жейт* (Калмырза). 2. Такыба, дин эрежелерин бек кармаган динчил. *Тиги сопу өмүрү ачкыл ичпеген эле, – деп Эшкулду көрсөттү* (Бейшеналиев). *Сопулар селде чалынып* («Манас» С.О.). 3. Азан чакыруучу мечит кызматкери. *Сопунун көөнү азанда, Сорготтун көөнү казанда* (Токтогул). *Чоң мечит тараптан азан чакырган сопунун үнү угулду* (Жантөшев). 4. Теспедеги чоң шуру. *Сопусу алтын шуру теспе.* 5. *өт.* Жоош, момун, жоошуп калган абал.

**СОПУ БОЛУУ** Тыйылуу, кайра тартуу (терс көрүнүштөрдөн баш тартуу маанисинде). *Узун сары жолдошуна тамеки сунду. Берки баш чайкады: – Жок, таштагам. Узун сары суроо жандырды: – Арактычы? – Таштагам. – Мунуң жакшы экен. Сопу болгон турбайсыңбы? Азаматсың* (Жапаров).

**СОПУ-САДЫК** Чыныгы таң, таң агаруу, таң кулан өөк болуу. *Сопу-садык чалганда, Таң саргарып атканда, Тараза жылдыз батканда* («Манас»). *Сопу-садык чалып, алыскы тоо-тоонун башы агара баштады* (Үмөталиев).

**СОПУЛУК** Сопу кызматында болгондук, диндик шариятты бекем туткандык.

**СОПУСУН** Такыбасынуу, дин эрежелерин бек кармаган сыяктануу. *Сопусунган молдонун үйүнөн жети камандын башы чыгыптыр* (макал).

**СОПУСУНТ сопусун** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОПУСУНУУ сопусун** этишинин кыймыл атоочу.

**СОПУТ: мойсопут** 1. Чачына ак кирген, сакалын ак аралаган адам. 2. *өт.* Токтолгон, улгайган адам. *Өңчөй жаштардын арасындагы мойсопут кишидей көзгө комсоо көрүнгөн үй ушунуку– Карабай акеники* (Мавлянов).

**СОР** 1. Тил менен эриндердин аракети аркылуу ичти карай катуу кысып оп тартуу, эмүү, шимүү. *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев). *Ийип турат ак эмчек, Балкылдатып сор, балам!* (Токобаев). 2. Жутуу, ичүү. *Чегирткенин алын көр да, канын сор* (макал). *Чиркейи да чагат, Көгөнү да кан сорот* (Токомбаев). 3. Суюктукту (мис, сууну) сиңирип алуу, боюна тартуу. *Топурак сууну тез соруп алат. Сыя соро турган соргуч кагаз.*

**СОРБЦИЯ** Сиңирүү, жутулуу. Катуу же суюк заттардын айлана-чөйрөдөгү башка бир заттардын жытын, нымдуулугун ж.б. сиңирип алышы.

**СОРГОК** Тамакты көп ичкен, опкок, обору ач. *Соргокко чоң аягыңды көрсөтпө* (макал). *Манапты ээрчип эт жеген, Мадырайган соргогум* (Токтогул). *Сопунун көөнү азанда, Соргоктун көөнү казанда* (Токтогул).

**СОРГОКТУК** Тамакка тойбогондук, тойсо да тойбогонсуп жутунгандык.

**СОРГУЧ** Суюктукту өзүнө тартып, соруп алуучу. *Сыя соргуч.*

**СОРДУР сор** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОРМО** Үстүнөн өткөн, баскан адамды же жаныбарларды тартып кетүүчү баткактуу, саздуу жер.

**СОРОГОЙ** Соройгон, сороюп чыгып турган.

**СОРОЙ** Уркуюп, сорогой тартып чыгып туруу. *Там үйдүн төбөсүндө сороюп чыккан кернейи бар* («Ала-Тоо»). *Бектурдун ак үйүнүн чамгарагынан эки бакандын учу сороёт* (Сыдыкбеков).

**СОРОК сороң** менен бирдей.

**СОРОКТО сороңдо** менен бирдей.

**СОРОҢ: сороң-сороң этүү** Сороңдоп, өйдө-ылдый болуп кыймылдоо.

**СОРОҢДО** Сороң-сороң этүү, өйдө ылдый болуп кыймылдоо.

**СОРОҢДОО сороңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**СОРОҢДОТ сороңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОРПО** Кайнатып бышырылган эттин ширеси, чыгы. *Ошол учурда эт бышып, сорпо куюлуп, башка сөзгө кирип кетишти* (Сасыкбаев).

**СОРПО-ШИЛЕҢ** Эттүү, эт катыкталган тамак. *Кырманчыларга сорпо-шилең беремин деп председатель тоодогу малга чыгып кеткен* (Баялинов).

**СОРПОСУ СУУ** Деми сууй түшүү, үмүтү үзүлүү. *Сорпосу сууган соң, Султан келген жолуна түшөт* (Бөлөкбаев). *Ошентип, өкмөттөн жардам алабыз, кредиттин суммасын азайтат дешип, сүйүнүп жүргөн дыйкандардын сорпосу сууп, ындыны өчө түштү* («Кыргыз руху»).

**СОРТ** 1. Товардын сапатына жараша белгиленген баасы, разряды, категориясы. *Биринчи сорттогу грузин чайы.* 2. Чарбалык жактан кандайдыр бир баалуу өзгөчөлүккө ээ болгон маданий өсүмдүктүн түрлөрү. *Алманын эрте бышуучу сорту. Буудайдын кургакчылыкка туруштук берүүчү жаңы сорту.*

**СОРТТО** Сортко бөлүү. *Жүндү сорттоп капка салып ылгашты, Кеспей кырккан эпкиндүүсүн сындашты* (Осмонкул).

**СОРТТОО сортто** этишинин кыймыл атоочу.

**СОРТТОТ сортто** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОРТТУУ** Сорту жакшы, жогорку сорттогу. *Сорттуу алма. Сорттуу дан.*

**СОРУГУУ сорук** этишинин кыймыл атоочу.

**СОРУК** Сорулуп, бир аз кургай баштоо, тоборсуй түшүү, сиңип кетүү. *Суусу соруга түшсүн. Кардын суусу сорукту.*

**СОРУКТУР сорук** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОРУЛ сор** этишинин туюк мамилеси.

**СОРУН** Соргок, тойбос. *Кузгун менен жорулар кумурскадай жайнады; бул өңдөнгөн сорундан бул текелер калабы?*

**СОРУУ сор** этишинин кыймыл атоочу.

**СОСТАВ** *к.* **курам.**

**СОТ** 1. Граждандык чыр-чатак, талаш-тартышты чече турган жана ар кандай кылмыш иштерин карай турган мамлекеттик орган. *Элдик сот. Сот өкүмү.* 2. Ушундай орган тарабынан кылмыш иштерин же башка маселелерди кароо процесси, анын заседаниеси. *Ачык сот. Сот заседаниеси.* 3. *сүйл.* Судья. *Сот болуп иштеген адам.*

**СОТО** Жүгөрүнүн мардек менен бирге алган даны. *Сотолору менен кошо ачытылган жүгөрү силосу. Жүгөрү сото байлады.*

**СОТТО** Сот кылуу, сот жообуна тартуу, кылмыштуу иштерди сот процессинде карoo, кылмыштууну өкүм чыгарып кесүү. *Турпандан келген качкынды, Тургузбай айдап соттоду* (Тоголок Молдо).

**СОТТОЛ сотто** этишинин туюк мамилеси.

**СОТТОО сотто** этишинин кыймыл атоочу.

**СОТТОТ сотто** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОТТОШ** Өз ара чечише албаган чырлуу маселени соттун кийлигишүүсүнө коюу, бирин-бири сот жообуна тарттыруу.

**СОТТОШТУР соттош** этишинин аркылуу мамилеси.

**СОТТОШУУ соттош** этишинин кыймыл атоочу.

**СОФИЗМ** Сырткы түрү ишенерлик кылып түзүлгөн тескери ой, тескери корутунду.

**СОФИС** 1. Софизмди жактоочу. 2. Биздин эрага чейин V кылымдагы грек философторунун тобу.

**СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТ** Социал-демократияны жакточу.

**СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯ** Эл аралык жумушчу кыймылында 19-кылымдын экинчи жарымында пайда болгон саясий агым.

**СОЦИАЛ-ШОВИНИЗМ** Эл аралык жумушчу кыймылындагы оппортунисттик агым.

**СОЦИАЛДЫК** 1. Коомдук, элдик, коомдогу элдин мамилелерине таандык болгон. *Социалдык чөйрө. Социалдык абал. Социалдык карама-каршылык.*

**СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШ** Белгилүү бир коомдук мамилелер жана коомдун саясий уюмдары менен мүнөздөлө турган коомдук, мамлекеттик түзүлүштүн системасы.

**СОЦИАЛИЗМ** Өндүрүш каражаттары коомдук менчикте болгон коомдук түзүлүш, коммунизмдин биринчи фазасы.

**СОЦИАЛИСТ** 1. Социализмди жактоочу, жолун жолдоочу. 2. Социалисттик партиянын мүчөсү.

**СОЦИАЛИСТТИК** Социализмдин принциптерине негизделгендик, ушул принциптерге ылайык келгендик, социализмдин идеяларына сугарылгандык. *Социалисттик коом. Социалисттик экономика. Социалисттик аң-сезим. Эмгекке социалисттик мамиле кылуу.*

**СОЦИАЛИСТТИК РЕАЛИЗМ** Советтик искусство таануунун (1920–90-жылдар аралыгындагы) аныктамасы боюнча объектиге алынган турмуш көрүнүштөрүн революциялык өсүштө, коммунисттик партиялуулук жана элдүүлүк принцибинде сүрөттөө ыгы.

**СОЦИОЛИНГВИСТИКА** Тил илими, социология жана этнографиянын ыкмасын колдонуучу, социалдык тилдин жаратылышын жана анын коомдогу функциясын изилдөөчү комплекстүү илимий дисциплина.

**СОЦИОЛОГ** Социология илими боюнча адис.

**СОЦИОЛОГИЗМ** Коомдук кубулуштарды изилдөөдө жана түшүндүрүүдө социологияга таянуу.

**СОЦИОЛОГИЯ** Коом жана коомдук мамилелер, алардын өнүгүшү жөнүндөгү илим.

**СОЦФОНД** Социалдык фонд.

**СОЧИНЕНИЕ** Окуучулар белгилүү бир тема боюнча өзүнүн оюн, пикирин адабий тилде туура, эрежеге ылайык жазып баяндоо үчүн жүргүзүлүүчү жазуу иши, дилбаян. *Эртең саат ондо кыргыз тилинен сочинение жазасыздар* (Бейшеналиев).

**СОЮЗ** 1. Жеке адамдардын, коомдук группалардын бирдиги, байланышы. *Жаштар союзу.* 2. Мамлекеттердин, ар кандай уюмдардын белгилүү бир максат, биргелешкен жалпы аракет үчүн түзүлгөн келишими. *Согуштук союз. Дипломатиялык союз.* 3. Коомдук уюм. *Профессионалдык союз. Жазуучулар союзу.*

**СОЮЗДАШ** Белгилүү бир союзда турган, өз ара союз түзүшкөн.

**СОЮЗДУК союзга** таандык.

**СОЮЛ I** Чабуу, уруу үчүн колдонулуучу жоон жыгач, таяк. *Колдорунда суу талдан кырккан көк союл* (Сыдыкбеков). *Бакан, союл карс-карс, Баш жарылып тарс-тарс* (Тоголок Молдо). *Союл тийип башына, Суу ордуна кан аккан* (Токтогул).

**СОЮЛ II сой** этишинин туюк мамилеси.

**СОЮЛУН ЧАБЫШУУ** Кимдир бирөө тарапта болуу, ага көмөктөшүү, таламын талашып, сөзүн сүйлөө. *Аманкулдун өзү эч нерсе болбой, анын союлун чабышкан Апас менен Дүйшөнаалы жалаага жыгылды* («Ала-Тоо»).

**СОЮП КАПТАГАНДАЙ** Айрып алгыс, дал өзүндөй, абдан окшош. *Бечаранын өңү сертирээк эле, жанакы балчы куду эле өзү, союп каптагандай* (Токомбаев).

**СОЮУ сой** этишинин кыймыл атоочу.

**СОЮШ I** 1. Аш-тойлордо, же көп адам чакырылган конокто союла турган мал. 2. Чоң жыйын, көп эл чакырылган аш-тойлордо конок ээси тамак үчүн берүүчү мал. *Үч жүз байтал бээни, Аскерге союш бергени* («Манас» С.О.). *Тим берелик союшун* («Манас» С.О.). 3. Союуга жарамдуу, союла турган мал. *Союшка берген атың жок, Изат кылган жайың жок* («Семетей»). *Менин силерге салакам тийген эмес, мен барсам, ортон колдой союшумду ала баруучумун* (Байтемиров).

**СОЮШ II сой** этишинин кош мамилеси.

**СОЯ** Даны тамак-аш өнөр жайында (май, сүт, ун ж.б. алуу үчүн) жана техникалык максатта колдонулуучу чанактуу өсүмдүктөр түркүмүнө кирүүчү өсүмдүк.

**СӨГӨЛ** Бүркүттүн бир түрү.

**СӨГӨТ ТАЛ** Тоо арасында, талаа жерлерде өсүүчү талдын бир түрү.

**СӨГҮЛ сөк II** этишинин туюк мамилеси.

**СӨГҮН** Тилдөө, кагып-сөгүп урушуу.

**СӨГҮНТ сөгүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨГҮНҮҮ сөгүн** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨГҮНЧӨӨК** Көп сөгүнгөн, сөгүшүп сүйлөгөн адам.

**СӨГҮҮ сөк** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨГҮШ I** Жүрүш-турушу же башка жоопкерчилиги үчүн берилген жаза, чара.

**СӨГҮШ II сөк II** этишинин кош мамилеси.

**СӨГҮШ III** Бирин-бири сөгүү, тилдешүү, боктошуу, жаман-жакшы айтышуу.

**СӨДӨР** Ылайыксыз, жагымсыз, уяткарыла турган. *Эстүү киши да сөдөр иш кылат.*

**СӨЗ** 1. Речтин айрым бир түшүнүктү, объективдүү дүйнөнүн кубулушу жөнүндө тыбыштар аркылуу билдире турган бирдиги. *Сөздүн мааниси. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби.* 2. Речь, кеп. *Сабырдын сөзүнө балдар алакан чабышты* (Сыдыкбеков). *Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт* (макал). *Сөзү орундуу адамдар кандай сонун, Урматталып берилет төрдөн орун* (Баласагын). *Карынын сөзүн капка сал* (макал). *Билбегенсип сүйлөйсүң, Сөз келер жайын билбейсиң* (Калмырза).

**СӨЗ АЙКАЛЫШЫ** Эки же бир нече сөздүн грамматикалык жактан байланышкан тизмеги.

**СӨЗ АТАСЫ ӨЛҮҮ** Тиешелүү сөз өз учурунда айтылбай мааниси кетүү. *Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт* (макал.). *Чынымды айтпасам, Сөз атасын өлтүрбөй мен да өз оюмду айтайын.*

**СӨЗ БАЙЛАШУУ** *же* **шерт байлашуу** Убадалашуу. *Курман Айсулуу менен кыз оюн болгон түнү сөз байлашкан* («Ала-Тоо»). *Байлашкан жалгыз шерт үчүн, Баарын тең башка көтөрдүк* (Элебаев).

**СӨЗ БАЙЛОО** Убадалашуу, макулдашуу. *Курман Айсулуу менен кыз оюн болгон түнү сөз байлашкан* («Ала-Тоо»). *Сагындан кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп кетмекчи болуп сөз байлашкан* (Баялинов).

**СӨЗ БЕРҮҮ** Убада берүү, убада кылышуу, макул болуу. *Ишти аткарууга сөз берди.*

**СӨЗ ЖЕБӨӨ** *к.* **кеп жебөө.**

**СӨЗ КАЙРУУ** Каяша айтуу, айтыша кетүү. *Алсыздын чыркыратып кызын алчу, Ким ага сөз кайрымак бет багып тик* (Абдыраманов).

**СӨЗ КАРМАТУУ** Кандайдыр бир ишти аткарууга убада берүү, милдеткер болуп калуу. *Кымызды сага берем деп, Карматып сөзүн койгону* (Маликов). *Кыз байкоосуздан жигитке сөз карматып койду* («Ленинчил жаш»).

**СӨЗ КАТУУ** Кеп салуу, сүйлөө, бир нерсе айтуу. *Сүйлөгөн адам уулуна: «Сен кимсиң?» – деп сөз катпай* («Семетей»). *Анча-мынча сөз катканга жандын апкаарыганы жазылып, баатыр боло түштү* (Байтемиров).

**СӨЗ ТИЙГИЗҮҮ** Жаман айтуу, көңүл кала тургандай сөз айтуу, тилдөө. *Ышкынаалы сакалына сөз тийгизгенде, күйүп кетти* (Байтемиров). *Бирөө мага сөз тийгизип койбосун деп корко тургамын* (Абдукаримов). **В.: Кеп тийгизүү.** *Кээде сенин чогоолдугуң мага да кеп тийгизип жүрөт* (Байтемиров).

**СӨЗ УДУЛУ** 1. Сөз багыты. 2. Сөз оңтою. 3. Сөз ыңгайы. *Сөз удулун башка жакка бурайын деп калды* (Айтматов).

**СӨЗ УЛОО** Андан ары узартуу, айта баштоо. *Бурулча Мамырды ээрчий басып сөзүн улады* (Байтемиров). *Зарыл кашынын үстүндөгү кара меңди адетинче сыйпап коюп сөзүн улады* (Сыдыкбеков).

**СӨЗГӨ АЛАРЛЫК** Айтууга арзырлык, көңүл бөлүүгө татырлык. *Алардын сөзгө аларлык, кубантарлык эч нерсеси жок болсо эмнени айтмак элем деп, жеңем жер карады* («Кыргызстан аялдары»).

**СӨЗГӨ ЖЫГЫЛУУ** Орундуу айтылган сөзгө жеңилүү, өз кемчилигин сезүү, моюнга алуу. *Эси бүтүн Зулайка эл сөзүнө жыгылды* («Кожожаш»).

**СӨЗГӨ КЕЛБӨӨ** Бир нерсенин жөн-жайын, дайнын билбей туруп эле моюн толгоо, макул болбоо. *Деги сөзгө келсең боло? Сага эмне болду, – деп жеңемдин чый-пыйы чыкты* («Ала-Тоо»). *Кыйышпас болсоң сөзгө кел, Кыйноого салбай жанымды* (фольк.).

**СӨЗГӨ КИРБӨӨ** Башка бирөөнүн азгыруусуна көнбөө, бирөөнүн терс таасирине бурулуп кетпөө. *Бузуку таш жарат, өйдө-ылдый сөзгө кирбей жүр, балам, деп чоң энем көп айта турган* («Ала-Тоо»).

**СӨЗГӨ КОНОК БЕРҮҮ** Сөздү жула качпай же өзү эле сүйлөй бербей, башкалардын сөзүн да угуу, кезек менен сүйлөө. – *Жолдош бригадир, сөзгө конок бериңиз, имишке ишенбей эле коюңуз* (Таштемиров). *Алыбек сөзгө конок бербей бакылдай берген киши экен* («Ала-Тоо»). *Тоту жеңемдин сөзү отургандардын жүлүнүнө тийгендиктен, сөзгө конок беришпей, жеңеме каршы жаалаган сөздөр күч алды* (Жантөшев).

**СӨЗГӨ САРАҢ** Көп сүйлөбөгөн, оңой менен оозунан кеп чыкпаган, унчукпаган. *Өлмөсхан ар кимге ачылып сүйлөбөгөн сөзгө сараң адам* (Жантөшев). **В.: Кепке сараң.** *Кепке сараң, кеңешке жок* (Сыдыкбеков).

**СӨЗГӨ СӨКӨТ БОЛУУ** Айткан сөзү үчүн жемеге калуу. *Сөзгө сөкөт болбойлу.*

**СӨЗГӨ СӨЛТҮК БОЛУУ** Кепке-сөзгө калуу, уят болуу. *Сөзгө сөлтүк болгудай иш кылбагыла.*

**СӨЗГӨ СӨЛТҮК КЫЛУУ** Кепке-сөзгө

калтыруу, абдан уят кылуу. *Сөзгө сөлтүк кылбайын деп, силерди гана аяп отурам* («Ала-Тоо»). *Эл караган бетимди жер каратып, сөзгө сөлтүк кылды* (Сыдыкбеков). **В.: Сөзгө сындыруу.** *Тиги жаманга айт, келинди теске салсын, бүт айылды сөзгө сындырды* (Сыдыкбеков).

**СӨЗДҮК** Алфавит тартибине келтирилип, мааниси түшүндүрүлгөн же башка тилге которулган сөздөрдүн тизмеси берилген китеп. *Кыргызча-орусча сөздүк. Орусча-кыргызча сөздүк. Түшүндүрмө сөздүк.*

**СӨЗМӨ-СӨЗ** Айтылгандай, жазылгандай, эч өзгөртүүсүз.

**СӨЗМӨР** Чечен, сөзгө мыкты, жакшы сүйлөй билген. *Болочок акындын энеси Бурма дагы ары сөзмөр, ары жомокчу аялдардан эле* («Ала-Тоо»).

**СӨЗСҮЗ** Айтылуучу ойду бекемдөө, ырастоо маанисинде колдонулат.

**СӨЗҮ БОЛУУ** Айтканы туура келүү, жакшы таасир кылуу, таасирин тийгизүү. *Кулчоронун айтканы, Кимге болсо эм болду* («Семетей»).

**СӨЗҮ ӨТҮҮ** Бирөөгө кайрылып айткан кеби, өтүнүчү, суроосу кабыл болуу, өзүнүн айтканына башка бирөөнү көндүрүү, макул кылуу, тил алдыруу. *Тилдеп тили, айтып сөзү өтпөгөндүгүн Карачал эми түшүндү* (Жоошбаев). *Аке, эл, жерден азгандан кийин канчалык туура иш кылып жатсаңыз да көзгө көрүнбөй, сөзүң өтпөй калат тура* (Турусбеков).

**СӨЗҮ СУУ КЕЧПӨӨ** *к.* **кеби суу кечпөө.**

**СӨЗҮ ҮЖӨТ БОЛУУ** Сөзүн макул табуу, жөнү бар, ыктуу, маанилүү сөз деп эсептөө. *Акымдын бардыгы жөнүндө канчалык айтсам да, менин сөзүм үжөт болгон жок* (Баялинов). **В.: Сөзүн үжөт кылуу.** *Ээ ...балам, каардуу зулумдар менин сөзүмдү үжөт кылмак беле деп Казак зээни кейип айтты* (Сыдыкбеков).

**СӨЗҮ ШИЛИСИНЕН ЧЫГА ТҮШҮҮ** Өтө катуу таасир этүү, оор тийүү. *Акыркы сөз атамдын шилисинен чыга түштү белем* (Осмоналиев). **В.: Сөзү шибеге менен сайгандай угулуу.** *«Раиске сатып жиберебиз» деген сөзү кулагыма шибеге менен сайгандай угулду* (Жантөшев).

**СӨЗҮ ЭКИ БОЛБОО** Айтканы айткандай болуу, убададан тайбоо, дегени аткарылбай калбоо. *Эркетайдын сөзү эки болбойт, үйдүн жакшысын сомдойт* (Бөлөкбаев). **В.: Айтканы эки болбоо.** *Сыр билги сатуучу жигиттин айтканы эки болгон жок* («Чалкан»). *– Ата ишен! Энем мени бузган жок. Айтканың эки болбойт, бар деген Нурматыңа барайын* (Жантөшев).

**СӨЗҮН ЖЕРГЕ ТАШТАБОО** Бирөөнү кадырлоо, сыйлоо максатында анын айткандегенин орундатып, тапшырганын аткарып туруу. *Ал менин сөзүмдү жерге таштабайт* (Абдукаримов). **В.: Сөзүн талаага таштабоо.** *Сөзүңүздү талаага таштабайбыз, ишене бериңиз* («Чалкан»).

**СӨЗҮН ЖӨНӨТПӨӨ** Сүйлөтпөө, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Менин сөзүмдү жөнөткөн жок.*

**СӨЗҮН СҮЙЛӨӨ** Кимдир бирөөнүн тарабында болуу, ошонун таламын талашуу. *Улуктун ишин билбесең, Байдын сөзүн сүйлөсөң* (Токтогул). *Ал эми Абаздын таламын талашып, анын сөзүн сүйлөдү* (Таштемиров).

**СӨЗҮНӨН ЧЫКПОО** Айтканы, дегени менен болуу. *Кара тамандар Тоозактын сөзүнөн чыгышпайт* (Абдукаримов).

**СӨЙКӨ I** Коолдук үчүн аялдар кулактын көнчөгүнө илүүчү нерсе. *Салынган алтын сөйкөсүн, Журтуна таштап кетиптир* («Эр Төштүк»). *Күмүш сөйкө сагагында дирилдейт* («Ала-Тоо»).

**СӨЙКӨ II** Сүрүү, ышкуу, жышуу. *Аттар бышкыра, ылаалап тура калып, жаактарын буттарына сөйкөйт* (Жантөшев).

**СӨЙКӨ САЛУУ** Келиндикке алууга убадалашкан кыздын кулагына жакшы ниет менен сөйкө салып, кудалашкандыкты, бүлө кылып алууга макулдашкандыкты билгизүү. *Сөйкө салар жан, ошол, Сырттан балаң Төштүккө Алып берер бала ошол* («Эр Төштүк»).

**СӨЙКӨГҮЛ** *диал.* Сүйрү гүл ала турган өсүмдүк. *Менде дегенди билген неме, сөйкөгүлдү кантип билбесин.*

**СӨЙКӨН** 1. **сөйкө** этишинин өздүк мамилеси. 2. *өт.* Тийишүү, тийиштик кылуу. *Сугатка барабыз! – деп, Каныш тиги баш көтөрбөй жаткан келинге сөйкөнө баштады* (Убукеев).

**СӨЙКӨНТ** **сөйкөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЙКӨНҮҮ** **сөйкөн** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨК I** Тилдөө, боктоо, жаман сөз айтып тил тийгизүү.

**СӨК II** 1. Тигишти ыдыратуу, ажыратуу. 2. Кабыргаларды ыдыратып омуруу. *Манек жаңы союлган койдун кабыргасын сөгүп жаткан* («Ала-Тоо»).

**СӨК III** Жээнтектин бир түрү.

**СӨКӨТ** 1. Нааразылык туудуруу, кепсөзгө калуу, күнөөлөнүү. *Элге сөкөт кылбайын* («Манас» С.О.). 2. Сөгүш берүү, уяткаруу. *Көңүлү чөгөт болор – деп, көп сөкөт бизге коёр – деп* (фольк.).

**СӨКСӨӨЛ** Бадал сыяктуу өсүүчү, отун катарында колдонулуучу дарак.

**СӨКТҮР** **сөк** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛ** Денедеги кан менен суу. *Бетинде тамчы сөлү калбай бырышкан* (Жантөшев).

**СӨЛБӨТ** Кебете, фигура. *Сөлөкөтү –*

*сөлбөтүң, балам, адамдан артык көрүнөт* (фольк.).

**СӨЛБҮРӨ** Илмийип, начар болуп туруу. *Анын кебетеси ушул иңир талашта ого бетер сөлбүрөп көлөкө сыяктанып көрүндү* (Байтемиров).

**СӨЛБҮРӨӨ сөлбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨЛБҮРӨТ сөлбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛДӨЙ** Көрксүз, дөлдөгөй, кыймыл-аракети бош, кашаң көрүнүштө болуу.

**СӨЛДӨЙТ сөлдөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛДӨЙҮҮ сөлдөй** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨЛДҮР** Бир нерсени жакшы түшүнө бербеген, ишти так аткара албаган (адамга карата).

**СӨЛДҮРӨ** Илең-салаң болуу, илкип-калкып, жүүнү бош көрүнүү. *Көкө бечара сөлдүрөп басып, ички бөлмөнүн каалгасына жакын барып, абайлап тыңшады* (Касымбеков).

**СӨЛДҮРӨӨ сөлдүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨЛДҮРӨТ сөлдүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛКӨБАЙ** *эск.* 1. Бир сом элүү тыйындык күмүш монета. *Дагы бир жолу, Шаршен коштошуп, жаңы эле босогодон аттай берерде кайра чакырып, тогузгат кылып орогон чүпүрөгүн жазып, бир сөлкөбайын алып чыгат* (Даникеев). 2. Ушундай монетадан жасалып, коолдук үчүн аялдардын чач учтугуна тагуучу буюму.

**СӨЛКҮ** *диал.* Боз үйдүн ичиндеги күзгү, тарак ж.б. коюлуп сактала турган жер. *Боз үйдүн ичинде, сөлкү, эпчи жагы болот.*

**СӨЛӨКӨТ** Кебете, бир нерсенин сырткы көрүнүшү.

**СӨЛПӨЙ сөлпүй** менен бирдей.

**СӨЛПӨР** Чокмор сыяктуу таяк. *Дал тийсе четин сөлпөр болбой кырсык, Бөрүнүн талуу жери кара тумшук* (Токомбаев).

**СӨЛПҮ I** Бир жагына оогон, сөлпүйгөн, түз, туура эмес (тегерек, тоголок нерсе жөнүндө). *Башы сөлпү. Алкак бир жагына сөлпү болуп жасалган экен.*

**СӨЛПҮ II** *диал.* Шөмтүрөө. *Таң аткыча сөлпүп кетти.*

**СӨЛПҮЙ** Сөлпү көрүнүштө, туура эмес түзүлүштө, формада болуу. *Башы бир жагына сөлпүйүп турат.*

**СӨЛПҮЙТ сөлпүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛПҮЙҮҮ сөлпүй** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨЛПҮК** Сөлпүйгөн, көрүнүшү сөлпү, түз эмес.

**СӨЛПҮЛДӨ** Тыкан эмес, сөлпөйгөн, шөлбүрөгөн көрүнүштө болуу.

**СӨЛПҮЛДӨК** Сөлпүлдөгөн, сөлпүйгөн, өз дене-боюна тың эмес.

**СӨЛПҮЛДӨӨ сөлпүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨЛПҮЛДӨТ сөлпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨЛТӨК** *диал.* Кыйшандап баскан, секирген, аттаган кыймылды элестеткен сөз. *Сөлтөк-сөлтөк этип басканы башкача да.*

**СӨҢГӨК** Өсүмдүктөрдүн бутактар, жалбырактар таралып чыгуучу сабагы. *Капустанын сөңгөгү. Күн караманын сөңгөгү.*

**СӨӨГҮ АГАРУУ** 1. Семирүү, эттенүү; эс алуу, тыныгуу. *Сөөгү агарсын Алгара, Көп минилди жаныбар* («Семетей»). *Атыңды жайлоого чыгарып, сөөгүн агартып ал.* 2. Ыраазы болуу. *Сөөгүм силерден агарды. Айткан сөздөрүңө сөөгүбүз агарды.*

**СӨӨГҮ БОШ** Борпоң, чымыр эмес. *Мысакелди сөөгү бош неме окшойт, агасына караганда шалдыраган чал болуп калды* («Ала-Тоо»).

**СӨӨГҮ БОШОО** Бирөөнүн оор абалына, кыйынчылыгына боор ооруп, жашый түшүү, зээни кейүү. *Кыздын муңдуу, ызалуу обонуна жеңенин сөөгү бошоду* (Сыдыкбеков).

**СӨӨГҮ ЖАШУУ** 1. **сөөгү бошоо** менен бирдей. *Сөөгү жашый түшкөн Шамбет: – Ой аттиң ай! – деп, көзүн сүрттү* (Сыдыкбеков). 2. Начарлап күч-кубаты кетүү, абдан алсыз абалга келүү. *Мен да бир кезде алдуу-күчтүү киши элем. Мына эми сөөгүм жашып ордумдан араң козголом* («Чалкан»). *Кулдукта өтүп өмүрүм, Кор болуп сөөгүм жашыды* (Осмонкул).

**СӨӨГҮ ЖУКАРУУ** Начарлоо, арып-ачып, арыктап калуу, күч-кубатынан таюу. *Жаз чыкты, сөөк жукарды* (Баялинов).

**СӨӨГҮ МЕНЕН КОШО ЖАТУУ** Башынан үйрөнгөн адаты, кыял-жоругу оңой менен калбайт деген мааниде. *Чал кумсарып, каны ичине тартып, сөзгө келбечүдөй, аны байкаган жигит ичинен бул кыял сөөгү менен кошо жатат да деген ойдо акырын чыгып кетти* (Жантөшев).

**СӨӨГҮ СЕМИРҮҮ** Семирүү, эттенүү, эс алуу, тыныгуу, ыраазы болуу.

**СӨӨГҮ СӨПӨТ БОЛУУ** Чирип жоголуу, эчтемеси калбоо (адамдын көмүлгөн денесине карата). *Аябай мас болгон Тургунбек сөөгү сөпөт болгон атасын эстеп, ыйлай баштады* («Ала-Тоо»). *Эки кадам илгери басканда, сөөгү сөпөт болмок.*

**СӨӨГҮ СЫЗДОО** *к.* **сай сөөгү сыздоо.**

**СӨӨГҮ ТАЗА** 1. Мүчөсү, сын-сыпаты келишкен, сымбаттуу. *Сөөгү таза, сөзү сыпаа, жакшы кыз эле* (Сыдыкбеков). *Сөөгү таза, жүзү жарык өзүңдөй асылга тең курбу боло турган перишите экен* (Сыдыкбеков). 2. Аралашмасы жок, чыныгы. *Сөөгү таза кездеме.* **В.: Устуканы таза.** *Сейиттин мүчөсү да кели-*

*шимдүү, зыңкыйган устуканы таза киши* («Советтик Кыргызстан»).

**СӨӨГҮМ ЫРААЗЫ** Абдан ыраазы экендигин билдирүү маанисинде колдонулат. *Сөөгүм ыраазы силерге!* («Ден соолук»).

**СӨӨГҮН АГАРТУУ** *аңч.* Алгыр куштарга күчтөп жем берип семиртүү.

**СӨӨГҮН СӨПӨТ КЫЛУУ** Өлтүрүү, жоготуу, жок кылуу, дайынын билгизбей салуу. *Кайран жигитти өлтүрүп, сөөгүн сөпөт кылып салыптыр* («Ала-Тоо»).

**СӨӨГҮНӨ БАТУУ** Кандайдыр бир нерсенин запкысы, кыйынчылыгы абдан катуу таасир этүү, жанын кейитүү, көкөйгө тийүү. *Апа, сен үндөбө, болду. Сөөгүмө батып кетти, – деди Татыбек* (Байтемиров). **В.: Сөөгүнө жетүү.** *Анткени эки күндөн берки окуя анын сөөгүнө жеткен болучу* (Баялинов). *Баарынан да ушул орус аялдын ишарасы Турсундун сөөгүнө жетти* (Сасыкбаев). **Сөөктөн өтүү.** *Сөөгүмөн сөзүн өткөрүп, Арамдар басат белимден* (фольк.). *Сөөктөн өткөн суук.* **Сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетүү.** *Кайнененин каары Батийнанын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти* (Сыдыкбеков).

**СӨӨГҮНӨ СИҢҮҮ** Көнүмүшкө айлануу, көнүмүш адат, өнөкөт болуп калуу. *Омор байыртан сөөгүнө сиңген адаттарын таштай элек* (Сыдыкбеков). *Сөөгүнө сиңген кыялы калчу беле.*

**СӨӨГҮНӨН СУУ ЧЫГУУ** Жаны ачуу, бир нерсеге абдан жаны кейүү, кабыргасы кайышуу. *Сөөгүнөн суу чыгып, Ичи ачышып кеткени* («Манас»). *Аялы баласын урганда атасынын сөөгүнөн суу чыкты* («Ала-Тоо»). **В.: Сөөгүнөн түтүн чыгуу.** *Эл-жерден азганын, энесинин сөөгү бөтөн жерде калганын эстеп, Эсирдин сөөгүнөн түтүн чыкты* (Осмоналиев). **Сөөгүнөн жалын чыгуу.** *Балдарын эстегенде анын сөөгүнөн жалын чыгат* (Сооронбаева). *Акпаралынын мойтоңдогон беш баласын көргөндө жалгыз калган атсыз кызым эсиме түшүп, сөөгүмөн жалын чыкты* (Жантөшев).

**СӨӨДҮР** Сөзүнүн баш-аягы жок, маанисиз сүйлөгөн адам.

**СӨӨДҮРӨ** **дөөдүрө** менен бирдей.

**СӨӨК** 1. Омурткалуу жаныбарлардын, адамдын скелетинин бөлүктөрүн түзүүчү катуу зат. *Топук кылбай этине, Сөөгүн өзү кемирген* (Калмырза). *Пилдин сөөгү. Кишинин сөөгү. Малдын сөөгү.* 2. Айрым жемиштердин данегин каптаган катуу кабыгы. *Өрүктүн сөөгү. Алчанын сөөгү.* 3. Теги, негизи, тукуму. *Сөөгү таза мал. Кыргыз жылкысы, сөөгү ушак болгон менен, чаалыкпас тукумдан* (Сыдыкбеков). *Айсалкын адамдын асылы, сөөгү таза жан* («Ала-Тоо»). *Сөөрүнө алтын жалаткан, Сөөгү таза агачтан* (Дүйшеев). 4. Өлүк. *Калтабай сөөктү үйүнө эки түнөттү, эки күнү конок күттү* (Токомбаев). *Егордун сөөгүн мүрзөгө койгондо Ашыр да катышты* (Сасыкбаев). *Көмүлбөгөн сөөгүң менен – Сен улуттун ар-намысын сактадың* (Байгазиев). *Сөз кылды не, сөз кылбады не пайда, Сөөгүм куруп, жер алдында калганда* (Бегимкулова). 5. Кудалык жактан болгон тууганчылык, жакындык. *Дос айрылат, сөөк кайрылат* (макал). *Сөөк болушуу.* 6. Зергерчиликтин жердиги, көркөм буюмдарды кармоонун түбөлүктүү негизи.

**СӨӨК ЖАҢЫРТУУ** Мурда куда-сөөк болгон адамдар менен экинчи жолу да кыз алышып, кыз беришип, дагы кудалашуу, жаңы сөөк болушуу. *Силер менин пиримсиңер. Ошол үчүн сөөк жаңырталы деп кол берип олтурам* (Сыдыкбеков).

**СӨӨК КАРМОО** Өлүктү сууга алуу, кепиндөө ишине катышуу.

**СӨӨК КЫМЫЗ** Кеч күздөгү кымыз. *Апкел, сөөк кымыздан апкелбейсиңерби, – деди* (Даникеев).

**СӨӨК ӨЧТҮ** 1. Кимдир бирөө менен эзелтен, жеринен кас, ага башынан жылдызы каршы, мурдатан кеги бар. *Түз кирип айткан кеби бар Манаска Сөөк өчтү болгон жери бар* («Манас»). *Эзелтен ак сөөктөргө кедей баласы сөөк өчтү да* (Бектенов). 2. Өзүнүн төркүндөрү жактан келин алган учурда келин менен кайнененин ортосунда пайда болгон өчтүк мамилеге карата айтылат.

**СӨӨК УСТА** Сөөктүн ар кандай түрлөрүнөн турмуш-тиричиликке таандык буюм-кечелерди жасаган чебер.

**СӨӨККӨ БАТУУ** *к.* **сай сөөгүнө жетүү.**

**СӨӨККӨ ЖЕТҮҮ** *к.* **сай сөөгүнө жетүү.**

**СӨӨККӨ ТАМГА САЛУУ** Кимдир бирөөгө эстен кеткис, унутулгус катуу кордук көрсөтүү, кейитип, ыза кылып көңүлүн калтыруу. *Тамга салды сөөгүмө, Көтөрүлүп айтканың* (Осмонкул).

**СӨӨККӨ УЗАНУУЧУЛУК** Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

**СӨӨКТӨ** Сөөгү какшап, сыздап ооруу. *Буту-колум сөөктөп ооруйт.*

**СӨӨКТӨН ӨТҮҮ** *к.* **сай сөөгүнө жетүү.**

**СӨӨКТӨТ** **сөөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨӨКТӨШ** Кудалашуу, куда болушуу. *Үлгү болуп кийинге, Сөөктөшүп койсо деп* («Эр Табылды»).

**СӨӨКТӨШТҮР** **сөөктөш** этишинин аркылуу мамилеси.

**СӨӨКТӨШҮҮ** **сөөктөш** этишинин кыймыл атоочу.

**СӨӨКТҮҮ** Сөөгү чоң, сөөк-саактуу, москоол.

**СӨӨЛ** Териге чыккан чор сыяктуу кичинекей өсүндү. *Перинин кызы Айсалкын Касиеттүү жан экен, Эрдинде сөөлү капкара, Тилинде мөөрү бар экен* («Эр Төштүк»).

**СӨӨЛДӨН** Сөөл көп чыгып, көбөйүп басып кетүү.

**СӨӨЛЖАН** Нымдуу топуракта болуучу, көбүнчө жаандан кийин жер үстүнө чыгып калуучу, чубалжып сойлоочу кызгылтым курт.

**СӨӨЛӨТ** 1. Жакшы атак-данк; дөөлөт, салтанат, шаң. *Ал сөөлөтүмдү балдар көрсө деп толкундадым* («Ала-Тоо»). *Төбөдөн нуру жаркырап, Сөөлөткө толгон чар тарап* (Бөкөнбаев). *Бул Москванын сөөлөтү Таңыркатты өзүмдү* (Маликов). 2. Сый кийим. *Кара баркыт менен кыюуланган сөөлөт кементайын жамынып кирди* (Абакиров).

**СӨӨЛӨТТӨН** Атак-даңк, кадыр-барк күтүү.

**СӨӨЛӨТТҮҮ** Сөөлөтү бар, дөөлөттүү, салтанаттуу, даңазалуу. *Сөөлөттүү абышкалар пайгамбардай тунжурайт, жер чукулап, башын албайт* (Абдыраманов). *Сүйүнчү, жаным, сүйүнчү, Душманга болсун күйүнчү, Сөөлөттүү кийим кийинчи* («Семетей»).

**СӨӨЛӨТТҮҮЛҮК** Данктуулук, даңазалуулук.

**СӨӨМ** 1. Сөөмөй менен бармакты жазып жибергендеги аралык, өлчөм. *Ченин ченеп тургамын, Алты сөөм төрт эли* («Манас»). 2. *өт.* Анча-мынча, бир аз. *Даражасы сөөм бийигирээк* (Бейшеналиев).

**СӨӨМӨЙ** Бармак менен ортондун ортосундагы манжа. *Бирер сөзүм карасаң, Сөөмөй менен сайгандай* (Калмырза).

**СӨӨМӨТ** **сукбат** менен бирдей. *Чай үлпөтү жөнүндө (Сэн-но Рикью) сөөлөт китебин жазган* (Жусупов).

**СӨӨМӨТЧҮ** Чыгармаларында социалдык суроолорду камтыган, акыл-насаат үйрөткөн акын.

**СӨӨРҮ** 1. *диал.* Жарым метр өлчөмдөгү бийиктикте жасалган көп кишилик жыгач такта пол, орундук. *Кечки салкында сөөрүдө отурушту.* 2. Төр жак. *Сөөрүнө алтын жалаткан, Сөөгү таза агачтан* (Дүйшеев).

**СӨПӨТ** *диал.* Быт-чыт кылып талкалап, мүлжүп жок кылып жибергендик. *Төрт карышкыр жалгыз итти заматта сөпөт кылышты.*

**СӨРӨЙ** Башка сөздөр менен айкалышып, мыскылдоо, кемсинтүү, теңсинбөө маанисин берүүчү сөз. *Эсиңе акын сөрөй келгендирсиң, Жаныңдын таттуулугун билгендирсиң* (Шимеев). *Бул акт сөрөй да* (Байтемиров). *Актив сөрөй.*

**СӨРҮ** Тирек, тирөөч (жүзүм бутактарын). *Чоң атасы жүзүм сөрүнүн түбүнө отуруп, жаңы келген газеталарды окуп жаткан* (Мавлянов). *А дегенде жолдош-достор бак ичиндеги, дарыя боюндагы сөрүдө дасторконго чай, нан, бал, жемиш, каймак коюп отуруп сүйлөшүп эс алабыз* (Жусупов).

**СПАГЕТТИ** Узун жип сымал ундан жасалган камыр тамагы.

**СПАМ** *инф.* Сатып алуучуларга электрон почта аркылуу жарнама маалыматтарды жана кулактандырууларды макулсуз түрдө массалык таратуу.

**СПАРЖА** Жалбырактары ичке кабырчактуу келген, жоон жана агыш жаш сабактуу жашылча өсүмдүгү.

**СПАРТАКИАДА** Спорттун ар кыл түрлөрү боюнча өткөрүлүүчү массалык спорт мелдеши. *Мектеп окуучуларынын спартакиадасы. Улуттук оюндардын спартакиадасы.*

**СПАРТАНЕЦ** 1. Байыркы грек мамлекетинин жараны. 2. *өт.* Чыдамдуу, чыйрак, кыйынчылыкка көнүккөн, аз нерсеге да канаат кылуучу адам.

**СПЕКТАКЛЬ** 1. Театр сахнасына ылайыкталган, театрда көрсөтүлүүчү оюн. *«Айчүрөк», «Ажал ордуна» жана «Алтын кыз» спектаклдери.* 2. *өт.* Жалган көрүнүш, оюн. *Айтпадымбы, ал жакшылап коюлган спекталь болчу деп* (Стамов).

**СПЕКТР** Жарык нуру айнек призма аркылуу өткөндө пайда болуучу түрдүү түстөгү тилке.

**СПЕКУЛЯНТ** Пайда чыгарууну көздөгөн алып сатар, кызыл кулак.

**СПЕКУЛЯЦИЯ** Алып сатарлык, кызыл кулактык.

**СПЕРМАТАЗОИД** Эркектик уруктук клетка.

**СПЕЦИАЛИСТ** *к.* **адис.**

**СПЕЦИФИКА** Бир нерсеге гана таандык болгон өзгөчөлүк, касиет, башкалардан айырмалап, өзгөчөлөнтүп туруучу белгилер, көрүнүштөр. *Искусствонун спецификасы. Илимий иштердин спецификасы.*

**СПИДОМЕТР** Автомобилде, мотоциклде жүрүү ылдамдыгын жана канча жол жүргөндүгүн көрсөтүп туруучу прибор.

**СПИКЕР** 1. Парламенттик палатанын төрагасы. 2. *спорт* Бокста даекчилердин көрүүчүлөргө жарыялоочу.

**СПИРАЛЬ** Электр плиткасынын же электр тогу менен күйүүчү башка жабдыктардын буралган, толгонгон формадагы жана ток аркылуу кызарып күйүүчү зымы.

**СПИРИТИЗМ** Өлгөн адамдардын жаны менен байланышууга мүмкүн болот деген ишеним жана ар кандай иш-аракеттерди жасоо менен ушундай байланышты түзүү.

**СПИРТ** 1. Канты жана крахмалы көп, мол болгон заттардан атайын жолдор менен алына турган, мас кылуучу жана күйүп кетүүчү сапаты бар суюктук. 2. *хим.* Курамында суутек атому менен кычкылтек атомунун кошундусу бар бир катар органикалык кошундулардын аты. *Жыгач спирти.*

**СПОНСОР** *к.* **демөөрчү.**

**СПОРТ** Организмди чыңоо максатында жүргүзүлүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар (гимнастика, күрөш, туризм ж.б.). *Ат спорту.*

*Сууда сүзүү спорту. Мылтык атуу спорту.*

**СПОРТСМЕН** Системалуу түрдө спорттук көнүгүүлөрдү жасап жүргөн же спортту кесип кылып алган киши. *Спортсмендердин карамагында стадион, волейболдук жана баскетболдук аянтчалар, сүзүү бассейни болот.*

**СПОРТТУК спортко** таандык. *Спорттук мелдеш. Спорттук оюндар.*

**СПРАВКА** 1. Бир нерсе жөнүндө билдирилген маалымат, кабар. 2. Бирөө жөнүндө же бир нерсе жөнүндө кыскача маалымат берген документ, аныктама.

**СПРАВОЧНИК** Кандайдыр бир маселе боюнча кыскача маалыматтар берилген китеп. *Телефон справочниги.*

**ССУДА** *экон.* Жеке же юридикалык жакка берилүүчү зайым. Бир тараптын акча же материалдык баалуулуктарды башка тарапка белгилүү мөөнөткө пайдалангандыгы үчүн ссудалык пайызы менен кошо төлөп берүү шартында берилген карыз.

**СТАДИОН** Спорттук машыгуулар жана оюндар үчүн ылайыкталган талаа, аянтчалары жана чуркай турган жолдору бар, көрүүчүлөр үчүн тегерете орундуктар орнотулган жай. *«Спартак» стадиону. Шаардык стадион.*

**СТАДИЯ** Кандайдыр бир өнүгүүнүн же бир нерсенин өнүгүшүнүн сапаты жагынан өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар этабы, баскычы же мезгили. *Өнүгүүнүн жогорку жана акыркы стадиясы.*

**СТАДИЯЛЫК стадияга** таандык, стадия боюнча. *Стадиялык өрчүү теориясы жаңы сортторду түзүүгө жардам берет.*

**СТАЖ** Кызмат иштөө, эмгектенүү жана кандайдыр бир уюмга мүчө болуу мөөнөтү, мезгили. *Мугалимдик стаж.*

**СТАКАН** Суюк нерсе куюп ичүү үчүн колдонулуучу цилиндр формасындагы туткасы жок айнек идиш.

**СТАЛИНИЗМ** 1930–1940-жылдардыга И.В. Сталиндин ишине байланыштуу, коомдогу жашоону катуу контролго алган, жалпы репрессияга ж.б. байланыштуу жеке бийлик.

**СТАНДАРТ** 1. Кандайдыр бир нерсенин белгиси, касиети, сапаты боюнча канааттандыруучу типтүү үлгүсү, өлчөмү, негизи. *Акчанын айланышындагы алтын стандарты.* 2. *саяс.* Кабыл алынган үлгү, эталон, модель, компетенттүү орган тарабынан бекитилген нормативдүү-техникалык документ.

**СТАНДАРТТАШТЫРУУ** Бир түрдө иштеп чыгарыла турган стандарт орнотуу. Массалык буюмдарга жана продукцияларга жана башкаларга бир түрдүү жана милдеттүү талаптарды киргизүү.

**СТАНДАРТТУУ** Стандарт боюнча иштелген, стандартка салынган. *Ишкерлердин көпчүлүгү стандарттуу иш алып баруудан баш тартышты* («Эркин Тоо»).

**СТАНДАРТТЫК** Стандарт боюнча иштелген, стандартка негизделген.

**СТАНИНА** Станок же машина кыймылдабай турган кылып орнотулган негиз, түп.

**СТАНОК** Металлды, жыгачты жана башка материалдарды иштетүү, бир нерсени жасоо үчүн ылайыкталган машина, жасалга. *Бир станокто сом темирди көзөп жатса, дагы бирөөндө килейген курч болотту жылмалап жатат* (Турусбеков). *Бектурдун бригадасында 19 токуу станогу бар* (Сасыкбаев).

**СТАНОКЧУ** Станокто иштеген жумушчу.

**СТАНЦИЯ** 1. Темир жол поезддеринин жана белгилүү бир маршрут боюнча жүрүүчү башка транспорттордун түрлөрүнүн токтоочу жери. *Катуу келе жаткан поезд станцияга жетип токтоду* (Сасыкбаев). 2. Белгилүү бир территорияда кандайдыр бир кызмат жагын тейлөөчү же изилдөө жумуштарын жүргүзүүчү атайын мекеме, аппарат. *Телефондук станция. Республикалык кан куюу станциясы. Метеорологиялык станция.*

**СТАРОСТА** Класста, кружок иштеринде тартип же башка жолжоболорду так орундатуу, жөнгө салуу жагын тейлеп туруучу окуучулар арасынан шайланган же дайындалган башчы.

**СТАРТ** 1. Спорттук мелдештин кандайдыр бир аралыкты өтүү алдындагы алгачкы учуру, моменти, башталышы. *Желегин булгап алга старт берди* (Үмөталиев). 2. Жарыш башталуучу жер, учуучу аппараттын учуп чыгуу алдындагы алган орду, чеги. *Самолёт кызыл сызыкка барып стартка турду* («Советтик Кыргызстан»).

**СТАРЧЫН** *тар.* Революцияга чейинки белгилүү бир айылды, урууну башкарып, иштерин тескеп туруу үчүн шайланган адам. *Конуп жаткандар жалаң эле старчын, жасоол сыяктуу өңкөй ченден чыккан бейбаштар* (Элебаев).

**СТАРШИНА** 1. Советтик Армиянын жана Согуш-Деңиз флотунун кенже начальниктик составындагы жогорку наам жана ушундай наамы бар аскер кызматкери. 2. **старчын** менен бирдей.

**СТАТИКА** 1. Заттардын тең салмактуулугунун шарттары жөнүндөгү окуу. 2. Нерселердин тең салмактуулугун изилдөөчү механиканын бөлүмү. 3. Белгилүү убакыттагы тынч абал.

**СТАТИСТ** *театр.* Сөзү жок, экинчи орундагы ролду аткаруучу актёр.

**СТАТИСТИКА** 1. Коомдун, эл чарбасынын өнүгүшүндөгү сан жагынан болгон өзгөрүүлөрдү изилдеп үйрөнүүчү илим. 2. Ушул илимдин методдорун колдонуп, эл чарбасынын, коомдук турмуштун кандайдыр бир тармагы боюнча эсепке алуу, ошол эсептин маалы-маттары.

**СТАТИСТИКАЛЫК** **статистикага** таандык. *Статистикалык маалыматтар. Статистикалык таблицалар.*

**СТАТС-СЕКРЕТАРЬ** Бир катар өлкөлөрдө кээ бир министрлердин, министрлердин орун басарларынын же айрым мекемелердин башчыларынын официалдуу наамы.

**СТАТУС** Инсандардын, юридикалык жактын, мамлекеттик органдын, эл аралык уюмдун айкындаган укук жана милдет жыйындысына ылайык укуктук абалы.

**СТАТУЯ** Адамдын же айбандардын фигурасынын скульптуралык сүрөтү, тулкусу. *Мрамордон жасалган статуя. Коло статуя.*

**СТАЧКА** Уюшкандык менен массалык түрдө иштебей коюу, иш таштоо.

**СТАЧКАЧЫ** Стачкага катышкан киши.

**СТЕЛА** *сур.* Көркөм искусство тарыхында тик плита же түркүк түрүндөгү мүрзөнүн үстүнө коюлуучу мемориалдык белги.

**СТЕЛЛАЖ I** 1. Бир нече кабаттуу текче. 2. Бир нерсени тикесинен коюп сактоо үчүн арналган орун.

**СТЕЛЛАЖ II** *экон.* Баалуу кагаздарды сатып алуу – сатуу менен болгон чукул бүтүмдүн бир формасы.

**СТЕНД** Көрсөтүү үчүн бетине экспонаттар коюлган такта.

**СТЕНОГРАММА** Стенографиянын жардамы менен жазылган жазуу, жазылып алынган текст. *Докладдын стенограммасы. Лекциянын стенограммасы.*

**СТЕНОГРАФИСТ** Стенографияны колдонуп жазуучу адис.

**СТЕНОГРАФИЯ** Оозеки айтылган сөздү атайын белгилердин, сөздөрдү кыскартып берүү ыкмаларынын жардамы менен тез жазуу жолу.

**СТЕНОКАРДИЯ** *зат* Жүрөк мыкчылганын сезүү. Жүрөктүн кан тамырларынын начар иштегендигинен пайда болгон оору.

**СТЕРИЛДӨӨ** Азык чөйрөсүндөгү, жабдыктардагы, лабораториялык идиштердеги, аспаптардагы микроорганизмдерди жана алардын спорасын өлтүрүү, жок кылуу.

**СТИЛДЕШТИРҮҮ** 1. Белгилүү бир стилге келтирүү. 2. *адаб.* Белгилүү бир автордун стилин тууроо, ар кандай жол менен даяр жолдорду ээрчүү, эски стилди жаңы контекстте колдонуу, мурда кезиккен көркөм формаларды жана ыкмаларды бул же тигил максатта жаңы чыгарма жазууда колдонуу.

**СТИЛИСТ** 1. Адабий, көркөм, мыкты жазуу чеберчилигине ээ жазуучу, публицист, илимпоз. 2. Сымбаттуу кийинүү, келбет жасалгасы боюнча стиль жаратуучу адис.

**СТИЛИСТИКА** 1. Речтин стили жөнүндөгү окуу. 2. *адаб.* Көркөм чыгарманын өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин изилдөөчү адабияттык теориянын бир бөлүмү.

**СТИЛИСТИКАЛЫК** **стилистикага** таандык. *Поэманын стилистикалык өзгөчөлүгү.*

**СТИЛЬ** 1. Белгилүү бир замандагы искусствонун, багыттын же художниктин идеялык, мазмун жана көркөмдүк формага карата болгон мамилесин мүнөздөөчү белгилердин жыйындысы. *Бардыгы тең уйгур стилинде салынган боз тамдар* (Жантөшев). *Адабияттагы романтикалык стиль.* 2. Кандайдыр бир жазуучунун же адабий чыгарманын, багыттын жана анын тилине мүнөздүү болгон тил каражаттарын пайдалануу ыктары; кептин түзүлүшүндөгү жана сөздөрдү колдонуудагы, баяндоодогу өзгөчөлүктөр. *Газетанын стили. Адабий чыгарманын стили.* 3. Кандайдыр бир ишти, аракетти жүзөгө ашырууда башкалардан айырмаланган ык, жол. *Жетекчилик стиль. Тарбиялык иштердин стили.* 4. *сүйл.* Жүрүш-турушу, сүйлөгөнү, кийген кийими ж.б. *Анын жаңы стиль менен кийингени, жүрүш-турушунун өзгөчөлүгү чет элден келгендигин айгинелеп турду* («Ала-Тоо»).

**СТИМУЛ** Аракетте түрткү берүү, жүрүш-туруштун козутуучу себеби, кызыккандык.

**СТИПЕНДИАНТ** Стипендия алуучу.

**СТИПЕНДИЯ** Окуу жайларда окуган студенттерге, окуучуларга берилүүчү жөлөк пул.

**СТИХИЯ** 1. Антикалык философияда: жаратылыштын негизги элементтеринин (от, суу, аба, топурак) бири. 2. Эч нерсе токтото албаган жаратылыштын көрүнүшү, кубулушу. 3. Коомдогу чар жайыт, баш аламан, уюшулбаган күч. 4. Көнүмүш чөйрө, адат алган ал-абал. *Өз стихиясына кайтуу.*

**СТИХИЯЛУУ** Стихия көрүнүштөрү бар, баш аламан, уюшулбаган.

**СТИХИЯЛЫК** 1. Токтотуу, жөнгө салуу жагы колдон келбес, табигый түрдө (өз алдынча, өз бетинче) болгон. *Стихиялык кырсыктар.* 2. **стихиялуу** менен бирдей.

**СТОИКТЕР** 1. Байыркы Грециядагы стоицизм окуусун жактаган философтордун тобу. 2. *өт.* Турмуштук сыноолордо кайраттуу, туруктуу.

**СТОИЦИЗМ** 1. Байыркы Грецияда жана Римде – рационалисттик философиялык окуу. 2. *өт.* Туруктуулук, чыдамдуулук, чыдамкайлык.

**СТОЛ** 1. Такта түрүндө жасалып, горизонталдык абалда коюлуучу, таянычы бар, үстүнө бирдеме коюуга же ар түрдүү иштерди иштөөгө ылайыктап жасалган үй буюму. *Тамак иче турган стол. Иш иштей турган стол.* 2. *өт.* Ошондой буюмдун үстүнө коюлган тамак-аш, даяр тамак-аш. *Стол даяр болгон учурда эки небересин эки колуна жетелеп, эне чыга келип учурашты* (Убукеев). *Штабдын үйүндө атайын уюштурулган столдор, жайылган дасторкон* (Сасыкбаев). 3. Белгилүү бир иштерди аткаруучу мекеме же мекеменин бир бөлүмү. *Паспорт столу. Адрес столу.* 4. *өт.* Кызмат,

кызмат орду. *Столдон эрте булар кетсин жылып* (Токомбаев).

**СТОЛ МАЙЛОО** *к.* **орун майлоо.**

**СТРАТЕГ** 1. Стратегиялык билими бар, мыкты билген киши. 2. *өт.* Коомдук, саясий күрөшкө жетекчилик кылуу ыгын мыкты билген киши, чебер жол башчы.

**СТРАТЕГИЯ** 1. Ири согуштук операцияларды, жалпы эле согушту жүргүзүү искусствосу, согушту жүргүзүү жөнүндөгү илим. 2. Коомдук, саясий күрөшкө жетекчилик кылуу искусствосу.

**СТРАТЕГИЯЛЫК** Стратегияга таандык, стратегия жагынан мааниси бар. *Стратегиялык план. Стратегиялык авиация. Стратегиялык мааниси бар чабуул.*

**СТРАТОСТАТ** *астр.* 11000 *м* ден ашык бийиктикке көтөрүлүүчү эркин аэростат.

**СТРАТОСФЕРА** *астр.* 18ден 60 *км* ге чейинки бийиктиктеги жердин аба катмары.

**СТРЕПТОМИЦИН** Учук сыяктуу бир катар ооруларга каршы дарылоодо колдонулуучу антибиотик.

**СТРЕПТОЦИД** Бир катар ооруларды дарылоодо колдонулуучу дары препарат.

**СТРЕСС** Ар кандай көнбөгөн чөйрөнүн, адаттан тышкаркы туш келген тоскоолдуктун кыйынчылыктарына организмдин бардык функциясынын нервдик-психикалык чымыркануусу, күч алуусу, аны жеңүүгө багытталган организмдин нерв системасынын бардык күчүн мобилизацияланышы (мис., студенттердин экзамен алдындагы, спортсмендердин мелдеш алдындагы, космонавттардын космоско учуп жүргөн мезгилдеги психикалык абалдары).

**СТРОФА** *к.* **сабак II.**

**СТРОФИКА** *адаб.* Ырдын строфалык түзүлүшүн изилдеген илим.

**СТРУКТУРАЛИЗМ** Тил илими, адабияттаануу ж.б. гуманитардык илимдердеги объектинин ички курамдык касиетин мазмундук жана формалык көз карандылык ыраатуу байланышты анализдөө ыгы.

**СТУДЕНТ** Жогорку окуу жайынын же техникумдун окуучусу. *Эки шаарда экөөбүз тең студент, Мен жетилип, сен гүлдөгөн убагың* (Токомбаев). *Институттун студенти. Техникумдун студенти. Заводдомун, шахтадамын кен казам, Жумушчумун, студентмин окуган* (Кулумбаев).

**СТУДЕНТТИК** **студентке** таандык.

**СТУДИЯ** 1. Художниктин же скульптордун өнөрканасы. 2. Актёрлорду художниктерди, скульпторлорду даярдоочу мектеп. 3. Жаш актёрлордун, художниктердин чыгармачылык коллективи. 4. **киностудия** менен бирдей.

**СТУЛ** **орундук** менен бирдей.

**СТЮАРД** Кемелерде жүргүнчүлөргө тамак-аш алып келүүчү кызматкер.

**СТЮАРДЕССА** Самолёт бортун тейлөөчү кызматкер.

**СУБАГАЙ** Чап жаак, узунча. *Субагай бет. Жаагы субагай.*

**СУБАЙ** Төлү жок, кысыр. *Дон тукумдуу субайлары бир башка, Байыр кылып жашыл бетке токтогон* (Осмонкул). *Субай жылкы. Субай мал.*

**СУБАЙ-САЛТАҢ** Бала-чакасыз, жалгыз бой, кара башы. *Субай-салтаң аял болгондон кийин, талаага түнөсө түнөгөндүрмүн – деп, Жаркын тамаша сөздү да арылатты* (Убукеев).

**СУБАЛА** Камырдын бир жайымы. *Бир чоң субала камыр.*

**СУБОРДИНАЦИЯ** Кызмат абалы боюнча кенже кызматтагылардын жетекчилерге баш ийүүсү, кызмат тартибинин эрежелеринин аткарылышы.

**СУБСИДИЯ** *экон.* Мамлекет же кандайдыр бир мекеме тарабынан юридикалык же жеке жакка, көбүнчө акча түрүндө берилген жөлөк пулдун түрү.

**СУБСТАНЦИЯ** 1. Бардык заттардын, көрүнүштөрдүн түпкү негизи, мазмуну.

**СУБХАНАЛЛА** Мактоого татыктуу кудай, аллага мактоо. *Сопу адамдар теспени колуна алып, «субханалла, субханалла!» деп кечке жобурап отура берет.*

**СУБЪЕКТ** 1. *филос.* Дүйнөнү таанып-билүүгө, өзгөртүүгө жөндөмдүү болгон аң-сезими, эрки бар аракет ээси, адам. 2. Логикада: Ой жүгүртүүнүн предмети. 3. Сүйлөмдүн ээси.

**СУБЪЕКТИВДҮҮ** Субъектиге, кишинин жеке өзүнө таандык. *Субъективдүү пикирлер талкууга алынганы мыйзам ченемдүү* («Кыргыз Туусу»).

**СУБЪЕКТИВИЗМ** *филос.* Объективдүү реалдуулукту, материалдык дүйнөнү жокко чыгарып, аны субъектинин (адамдын) аң-сезиминде гана жашай алат деп эсептеген идеалисттик философиялык багыт.

**СУБЪЕКТИВИСТ** Субъективизмди жактоочу киши.

**СУВЕНИР** Эстелик үчүн берилген белек; эстелик үчүн иштелген нерсе.

**СУВЕРЕН** Жогорку бийлик ээси: император, монарх падыша, хан, султан, эмир, президент.

**СУВЕРЕНИТЕТ** **эгемен** менен бирдей.

**СУВЕРЕНИТЕТТҮҮ** **эгемендүү** менен бирдей.

**СУГАЛАК** Опкок, тойбогон, ач көз, сук. *Каниет кылбаган сугалак малды көр* (Сыдыкбеков). *Кетпей жүрөт кемегенин жанынан Сугалак, шум Карынбай да кайсаңдап* (Маликов).

**СУГАЛАКТАН** Сугалактык кылуу, ач көздүк кылуу. *Сарыбай бай сугалактанып, жутунган неме.*

**СУГАЛАКТАНУУ** **сугалактан** этишинин кыймыл атоочу.

**СУГАР** 1. Жерге суу жаюу, өсүмдүктөргө суу жаюу. *Эгинди сугарбасак болбойт деп жапырт сугатка чыкканбыз* (Сыдыкбеков). *Беш сугарып, үч оргон, Беде сонун турбайбы* (Барпы). 2. Суу ичирүү, суусунун кандыруу (малга карата). *Жетелеп барып сугарып, Айдап жүрүп откорот* (Тоголок Молдо). *Мал сугара турган жер.* 3. Кызытылган металлды сууга, суюктукка салуу жолу менен курчутуу, чыңоо. 4. *өт.* Каныктыруу, жетилтүү. *Сугарып окуу, билим булагына, Окутуп өңкөй жашты алга сүрөп* (Үсөнбаев). *Эмгек өз булагы менен сугарат* (Сыдыкбеков).

**СУГАРМА** Сугарылуучу, сугарыла турган, кайрак эмес. *Сугарма жер.*

**СУГАРТ сугар** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУГАРУУ сугар** этишинин кыймыл атоочу.

**СУГАРЫЛ сугар** этишинин туюк мамилеси.

**СУГАРЫШ сугар** этишинин кош мамилеси.

**СУГАТ** 1. Өсүмдүктөрдү, жерди сугаруу, суу жаюу жумушу. *Сугатчы сугат сугарса, Жайылып суусу суналса* (Осмонов). 2. Мал сугарылуучу жер. 3. Кызытылган металлды чыңоо, сууга салып курчутуу жолу. *Сугатына чыдабай, Суук булак соолгон* («Манас»).

**СУГАТЧЫ** 1. Сугат сугаруучу киши. *Ай, сугатчы, сугатчы, Сугарып эгин кубантчы* (Осмонов). 2. Чыйырчыктын сугат мезгилинде учурулган балапаны.

**СУГУ ТҮШҮҮ** Көз артуу, бирөөгө же бир нерсеге көзү түшүү, суктануу. *Бирөөнүн сугу түшкөн го деп, чоң эне небересин эмдей баштады.*

**СУГУН** Оозго чоң-чоң салып жеп, жутуу. *Казыдан каалашыңча сугун* (Жантөшев). *Ат лапылдатып сугунуп, башын кейкеңдетип экчеп коюп жей баштады* (Байтемиров).

**СУГУН АГЫТУУ** Ач көздүк кылуу, көз артуу. *Сугун агыткандан пайда жок, ар бир адам өз ырыскысы менен жашайт.*

**СУГУНТ сугун** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУГУНУМ: бир сугунум** Бир сугунгудай өлчөм. *Бир сугунум эт жедим.*

**СУГУНУУ сугун** этишинин кыймыл атоочу.

**СУД сот** менен бирдей.

**СУДЬЯ** 1. Сот органынын соттолгон адамга, сотто каралган иштерге карата өкүм чыгарууга укугу бар кызматкери. 2. *спорт.* Оюнду, мелдешти башкарып туруучу киши. *Аңгыча судьянын ышкырыгы жаңырды* (Бейшеналиев).

**СУЕВЕРИЕ** Ырым-жырымга, жок нерсеге ишенүү.

**СУЗ I** Көңүлсүз, томсоргон, кабагы бүркөө, капалуу. *Алардын суз отуруштарында кандайдыр бир терең сыр бардай* (Жантөшев). *Оң колу жок экен ойго түшүп, Отурат жерге карап ачылбай суз* (Үмөталиев).

**СУЗ II** Чөмөрүп алуу, батыра сайып көтөрүү. *Жаймалантып төгүлтүп, Сууну сузуп алды эми* («Семетей»). *Күрөктү алам, Буудай сузуп ыргытам, Шамал сокпойт, Жел чакырып ышкырам* (Осмонов).

**СУЗГУ** Сүйрү же тегерек формада жыгачтан жасалган саптуу чөмүч. *Кең казандан, берекелүү сузгудан, Табак толо таттуу тамак куюлат* (Осмонов).

**СУЗГУЧ сузгу** менен бирдей.

**СУЙ ЖЫГУУ** Абдан чарчатуу, шайманын кетирүү, убара кылуу. *Тентек уулуң кечке чейин тынбай чуркай берип, суй жыкты! – деди апам* («Ала-Тоо»). *Экөөнү тең кечке суй жыгат* (Жапаров).

**СУЙ ЖЫГЫЛУУ** Абдан чарчоо, аябай чарчап-чаалыгуу. *Татыбек далай жерди арытып, таба албай суй жыгылды* (Байтемиров). *Өздөрү да чарчап, аттары да суй жыгылып, буттарын тарта албайт* (Сасыкбаев). *Күүгүмдө суй жыгылып чарчап келип, Кучактап мени жыттап сүйгөнүңдү* (Байгазиев).

**СУЙДАҢ** 1. Суюк, сейрек, жыш эмес (өсүп турган нерселерге: чач, сакал, өсүмдүктөргө карата). *Чачы суйдаң тартуу. Сакалы суйдаң. Суйдаң өскөн арпа, буудай.* 2. Суюк, суюлган абалга келген (тамак ж.б. жөнүндө). *Суйдаң жарма. Суйдаң кесме.*

**СУЙКАЙ** Ажарлуу көрүнүү, керилип келишимдүү, сулуу көрүнүү. *Суйкая басып жаш сулуу, Суусунун берип кубантса* (Осмонов). *Жамила суйкайган жароокер кыз* (Баялинов).

**СУЙКАЮУ суйкай** этишинин кыймыл атоочу.

**СУЙСАЛ I** *диал.* Ичке кара жиптен чыйратылып жасалып, учу аялдардын чачына кошо өрүлүүчү чачык, чач учтук.

**СУЙСАЛ II** Кылыктана, келишимдүү көрүнүштө чайпала басуу. *Суйсала басып суу алган, Ырыстуу биздин бураң бел* (Токтомушев).

**СУЙСАЛМА** Өрүмдүн бир түрү. Бул өрүм төрт талдан, төрт талдан төрт жолу жупташып өрүлөт.

**СУЙСАЛУУ суйсал** этишинин кыймыл атоочу.

**СУК I** Ач көз, көзү тойбогон, көз арткан, сугалак. *Сук сагызган эрк сенде, Тандап учуп коно бер* (Үмөталиев). *«Сук» атанып айлыңа Суук болбо, жаш балдар* (Токтогул).

**СУК II** Батыра саюу, батыра уруу. *Аркамдан бири келип кармарында, Кайрылып жүрөгүнө найза суктум* (Үмөталиев).

**СУКАНЫ КАЧУУ** Коркуу, тилден калуу, сүйлөй албай калуу. *Бул кишинин суканы качып, чачы жайылды* (Бектенов). *Үлдүрөп*

*суканы качкан аял бут шилтөөгө алы келбей бети менен жыгылды* (Элебаев). **В.: Суканы учуу.** *Ушинтип, не кыларын билбей шалдырап, айласы куруп, суканы учуп, өзүнөн-өзү корунуп, теректин түбүнө отурду* (Айтматов).

**СУКБАТ** *диал.* Аңгеме, кеңеш, маек. *Сукбат сөз менен, оокат туз менен.*

**СУКНО** Жүндөн же жарымы жүндөн жасалган, өң жагы түктүү, тыш кийимдик калың кездеме.

**СУКСУР** 1. Өрдөктүн түрү. 2. Өрүмдүн өзгөчө түрү – майда өрүм. 3. Майда өрүм менен өрүлгөн сымбаттуу камчы. 4. *өт.* Сымбаттуу, көркөм, койкойгон (сымбаттуу моюнга карата). *Суксур моюн, сумбул чач* («Манас» С.О.).

**СУКСУРДАЙ** Келишимдүү, койкогой. *Сууп калган Сарала Суксурдай басат түйүлүп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**СУКТАН** Көзү түшүү, көңүлү түшүү, кызыга кароо, көз артуу, сугун артуу. *Эликтей сулуу чырай жээрде кулун, Суктанам көрбөгөнсүп мындан мурун* (Үмөталиев). *Суктанып жүрбөй ар кимге, Сүйгөнүңдү тандап ал* (Токтогул).

**СУКТАНДЫР суктан** этишинин аркылуу мамилеси. *Сурмасыз суктандырчу каректери, Эндиксиз эритчү эле эриндери* (Гапаров).

**СУКТАНТ суктан** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУКТАНУУ суктан** этишинин кыймыл атоочу. *Сагынган Ала-Тоосунун калдайган сүрдүү келбетине көзү тойбой, суктануу менен кайра-кайра тигилет* («Ала-Тоо»).

**СУЛА** 1. Узунунан түшүп жатып калуу; узунунан жыгылуу. *Мойнубуз талыгандыктан өбөктөп отурганча узунубуздан сулап жатканды дурус көрүп, бардыгыбыз тең жыттуу чөптүн үстүнө боортоктоп калдык* (Таштемиров). *Өлгөн болуп коктуга Сулагандар андан көп* («Семетей»). 2. Кыймылсыз сулк жатып калуу, өлүү. *Душман коркурап сулады* (Сасыкбаев). *Кай бирөө окобунда жатты сулап, Кай бири кол көтөрдү жан соогалап* (Үмөталиев).

**СУЛАЙМАН** Пайгамбардын аты.

**СУЛАТ сула** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУЛДУЙ** Эби-сыны жок сулкуюп кыймылсыз жатып калуу. *Суунун чети кан агып, Сулдуйган канча жан агып* («Эр Табылды»).

**СУЛК ЖАТУУ** Кыймылсыз, былк этпей жатып калуу. *Коён сулк жатып калды* (Каимов). *Татыбек да сулк жатат* (Байтемиров).

**СУЛКУЙ** Сулк жатуу, кыймылсыз былк этпестен жатуу. *Турат сулкуюп төрдө жатат.*

**СУЛП** Сөөгү жок, жалаң. *Май куйруктун сулп эти. Сулп этинен туурап куурдак кыл.*

**СУЛПУКОР зулпукор** менен бирдей.

**СУЛТАН** 1. Феодалдык коомдо бийлик жүргүзгөн, башкаруучу аким, ислам дини өкүм сүргөн элдердеги монархтын титулу жана ушундай титулу бар адам. *Бирөөнүн элинде жүрүп султан болгуча, өз элиңде ултан бол* (макал). 2. *өт.* Төрө, мырза. *Табылдыга сөз айтса, Султаның Табыл унчукпайт* («Эр Табылды»). *Султан Манастан калган бир туяк, Өлбөй аман жүрсүн деп* («Манас»). *Жети султан бирисин.*

**СУЛУ** Даны көбүнесе жем үчүн колдонулуучу же опоң жасалуучу дан өсүмдүгү жана ушул өсүмдүктүн даны. *Жемдик арпа, сулу кампаларда толуп турду* (Сасыкбаев).

**СУЛУУ** 1. Өңдүү-түстүү, өңү-түсү, мүчөсү келишимдүү, татынакай. *Тунук сулуу Каныштай, Он алтыда, өзү жаш* («Курманбек»). 2. Өңү-түсү жакшынакай аял, кыз. *Суктандырган адамды, Сулууну кимдер сүйбөдү* (Казыбек). *Кара көздүү сүйкүм сулуу, Кайда жүрөт болду экен?* (Бөкөнбаев). *Ар ким сүйүп караса, Сулуунун көркү жүзүндө* («Мендирман»). *Эскерип эми сен, өзүңдүн керемет көркүң менен, Сулууну мен сүйгөн кумар канбай* (Гапаров). 3. Көргөнгө көрктүү, кооз, суктандырарлык, көрүнүшү сонун, жагымдуу. *Макмалга сайма сайгандай Кавказдын сулуу жерин көр* (Токомбаев). *Дүйнө жүзүнүн баары аппак болуп, айлуу түн таптаза, сулуу көрүнөт* (Байтемиров). *Кыргый куштун сулуусу* (Барпы). *Ала-Тоо бизге бирдей кышы-жайың, Сулуусуң жылдар аттап өткөн сайын* (Шүкүрбеков). *Токтолуп терең чыккан сырдуу шыбыш, Толкутуп назик, сулуу үнгө салды* (Бөкөнбаев). 4. Одуракай эмес, жылмакай, сыйда, текши, тегиз. *Жыгаччы болгон адамга, Сыйда сулуу тал жакшы* («Мендирман»).

**СУЛУУКАЙ** *диал.* Сулуу сымак, сулууча. *Сулуукай келин менен туруптур.*

**СУЛУУЛА** Кооздоо, жакшынакай, жарашыктуу түргө келтирүү, жылмалоо. *Жибек менен, баркут менен сулуулап, Урмат кылып, кадыр кылып улуулап* (Осмонов).

**СУЛУУЛАН сулуула** этишинин өздүк мамилеси.

**СУЛУУЛАТ сулуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУЛУУЛОО сулуула** этишинин кыймыл атоочу.

**СУЛУУЛУК** Өңдүү-түстүүлүк; жакшынакайлык; көрктүүлүк, кооздук, сонундук. *Сулуулуктун белгиси – Ак бетинен нур тамган* (Осмонкул). *Сулуулук адамдык сүйкүмдө да* (Байтемиров). *Көз тойбогон сулуулук, Көрүп туруп кубандым* (Бөкөнбаев).

**СУЛУУЧА** Сулуу сымак, сулуусунан келген. *Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт,*

*Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт* (Осмонов).

**СУМ** Өзбек Республикасынын акча бирдиги.

**СУМБАЛ** Жүн жиптен токулган кап, мүшөк. *Кара дөөнүн үйүнө бир чоң сумбал тарых бар болучу* («Эл адабияты»). *Бөлгүлөп баштык кылып сумбал кабын* (Токомбаев).

**СУМБУЛ ЧАЧ** 1. Көбүнчө жоон өрүлгөн, узун, сымбаттуу кара чач. 2. Сулуулуктун, сымбаттуулуктун белгиси катары түшүнүлөт. *Суксур моюн, сумбул чач* («Манас» С.О.). *Турна моюн, сумбул чач* («Манас» С.О.).

**СУМКА** Ичине бир нерселерди салып алып жүрүү үчүн ылайыкталып кездемеден, булгаарыдан жана башка материалдардан жасалган кармагыч боосу же асынгычы бар буюм, капчык; китеп кап. *Мурат сумкасынан аспаптарын ала коюп ишке киришти* (Байтемиров).

**СУММА** 1. *мат.* Сандарды кошуудан, бириктирүүдөн келип чыккан жыйынтык сан. 2. Кандайдыр бир нерсенин (мис. акчанын) жалпы саны. *Ири суммадагы акча.*

**СУМСАЙ** Суздануу, кейиште болуп томсоруу. *Сүйгөн жар, боордош карындаштар сумсаят* (Сыдыкбеков). *Алардын мындай сумсайып отурушутарында кандайдыр бир терең сыр бардай* (Жантөшев).

**СУМСАЙТ сумсай** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУМСАЮУ сумсай** этишинин кыймыл атоочу.

**СУН** 1. Бир нерсени берүү же алуу, кармоо, коштошуу ж.б. үчүн колду созуу же жалпы башка нерселерди илгери карай багыттап жиберүү, жүткүнтүү. *Аттуу киши алик алды да, чөнтөгүнөн чапталуу конверт алып, Алыбекке сунду* (Жантөшев). *Оң колуңду бери сун, Коштошоюн жан досум* («Курманбек»). *Аяк сун. Чай сун. Түмөндөгөн жоонун колу кезиксе, Ат коюшуп, Албарс найза суналык* (Турусбеков). 2. Сунуш кылуу. *Көпчүлүктүн кароосуна суна турган менин оюм ушул* («Чалкан»). *Айтамын, сөз да табам: ашыкмын дейм, Алгынын жүрөгүмдү сага сунам!* (Үмөталиев). *Бак-таалайлуу балдарына элимдин, Гүл сунамын, ыр сунамын жүрөктөн* (Нуркамал).

**СУНАЛ** 1. Буту-колу сунулган, бой керген, созулган абалда болуу, ушундай абалда жатуу. *Алдейлечү жаш Эшимдин энеси Тилсиз гана жата берди суналып* (Токомбаев). *Арышка арыш уланып, Кийиктей ыргыйт суналып* (Токомбаев). 2. Керилип, созулуп жаткан абалда көрүнүү, ушундай абалда болуу. *Кең мейкин мына суналган, Чер жазып, көргөн кубанган* (Токомбаев). *Суналган кең талаа.* 3. Бойлуу, келишимдүү, керилген көрүнүштө болуу, сындуу болуп көрүнүү. *Суналган жигит. Суналган кыз. Суналган мыкты жорго.*

**СУНАЛТ сунал** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУНАЛУУ сунал** этишинин кыймыл атоочу.

**СУНГАН БУТУН ЖЫЙБОО** Бой көтөрүү, чоңсунуу, менменсинип, пейил күтүү, текеберленүү. *Журт тарткан оордукту эч сезбеген Букен баштагыдан бетер сунган бутун жыйбай калган* (Сыдыкбеков).

**СУНДАГУУ сундак** этишинин кыймыл атоочу.

**СУНДАК** Созулуп кетүү, узакка созулуу. *Оорусу сундагып кетти.*

**СУНДАКТЫР сундак** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУННИЗМ** Исламдагы негизги агым.

**СУНУУ сун** этишинин кыймыл атоочу.

**СУНУШ I** Кандайдыр бир маселе, иш боюнча эмне кылуу керектиги жөнүндө билдирилүүчү пикир, ой, өтүнүч. *Курман өзүнүн сунуштарын айта баштады* (Убукеев). *Инженер Анаркул өзүнүн новатордук сунушу жөнүндө көңүлдөнүп сүйлөдү* (Сасыкбаев).

**СУНУШ II сун** этишинин кош мамилеси.

**СУП** 1. Пахтадан токулган жука кездеме. 2. Эпостордо айтылуучу ак жибектен же ак төөнүн жүнүнөн токулган баалуу кездеме. *Кырмызы көйнөк, суп бешмант* («Сейтек»). *Билгендерден кеп угуп, Суптан кепин кылдырсаң, Сонун болот деп угуп* («Манас»). *Суп кийгенде сурак жок, Суптан салдым төшөктү* («Манас»). *Суп төшөк салып алдына, Баатырды бегирээк таңып салды эми* («Манас»).

**СУПА I** Адам жатуу, отуруу үчүн ылайыкталып тектирче түрүндө жасалган жай. *Шыпырып суу септирип килем жайган Супага биз отурдук ичип чайдан* (Үмөталиев).

**СУПА II: супа салуу** Таң агара баштоо, таң кулан өөк боло баштоо. *Таң супа салганда Жылдызкан да көз ачты* (Байтемиров). *Ашыр таң супа салган ченде аттанып кетти* (Сасыкбаев).

**СУПА САДЫК** Таң атуу, таң жарыгы. *Супа садык чалганда, Таң саргайып атканда* («Манас» С.О.).

**СУПАР** Кош, буурсун.

**СУПЕР** Татаал сөздүн абдан, өтө, жогорку сапатта деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү.

**СУПЕРКЛАСС** Бир нерсенин жогорку деңгээли, жогорку даражадагы сапат.

**СУПЕРКОМАНДА** Башкалардан өзүнүн көрсөткүчү менен айырмаланган эң мыкты спорт командасы.

**СУПЕРКУБОК** Европалык клубдун командаларынын спорттук мелдешүүдөгү эң жогорку сыйлыгы.

**СУПЕРМАРКЕТ** Кеңири керектелүүчү товарларды саттууга ылайыкталган, өзүн-өзү тейлөөчү ири дүр-дүйнө дүкөнү.

**СУПЕРМЕН** Кандайдыр бир жогорку сапаттагы нерселерге ээ болгон адам (мис. байлыгы, сулуулугу, күчтүүлүгү ж.б).

**СУПЕРФОСФАТ** Табигый фосфаттардан (апатиттерден, фосфориттерден ж.б.) алынган фосфор жер семирткичи.

**СУПСАК** 1. Даамсыз, татыксыз, тузу жок. *Татты кылган супсакты Туздан козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). 2. Татыксыз, жагымсыз, көңүлдү өзүнө тарта албаган, начар. *Мени аяп бекер кайгы жебегин, Супсак ырды даамдуу ыр дебегин* (Осмонкул). *Айткан кебим супсак болбосун, докладымды мен да мисалсыз баштабаймын* (Сыдыкбеков).

**СУПСУЛУУ** Абдан, өтө сулуу.

**СУПСУН** Кир жуулгандан кийинки калган суусу. *Чынар кирдин супсунун жанында турган чакага куйду.*

**СУПСУНУ СУУ** Тилеги, максаты ордунан чыкпай, ойлогон максатына жетпей өкүнүчтө калуу, үмүтү үзүлүү. *Супсунум сууп, кайра келдим* («Жаш ленинчи»). *Айдар аны чын көрүп, супсуну сууй түштү* (Сасыкбаев). **В.: Супурасы суу.** *Супурасы сууп, Ордуна кайра барбасына көзү жеткен Шарип оюн топтоп үлгүрдү* (Бейшеналиев).

**СУПУРА** Кой терисинен же эчки терисинен жасалган жаргак (ун элөө, камыр жууруу үчүн). *Талкандын бир чымчымын калтырбай супурадан кагып алып, баштыкка салды* («Ала-Тоо»). *Эрменкан кесмесин кесип бүтүп, супурасын жыйыштырды* (Абдумомунов).

**СУР I** Өң, бет, жүз, кебете. *Суру жаман неме экен, жолотпочу! Суру качып калыптыр.*

**СУР II** 1. Кара түс менен ак түстү аралаштыруудан алынуучу түс, толук күйгөн отундун күлү же чополуу кумдак жердин топурагы түстүү өң. *Ай, сур атчан сугатчы, Унутпа сугат убакты* (Осмонов). *Сур булуттар ары-бери көчүп, алда кайда кетип жатты* (Жантөшев). 2. *өт.* Катаал, көңүлсүз. *Өтүп кеткен сур заман Кайрылып эми келбесин* (Турусбеков). *Өткөрдүк далай сур күндү, Өңү жок бопбоз кур күндү* (Элебаев).

**СУР ЖЫЛАНДЫН СУУСАГАНЫН, КЕР ЖЫЛАНДЫН КЕПШЕГЕНИН БИЛЕТ** Бардык айла-амал, куулук-шумдук, митаамдык колунан келет. *Ал сур жыландын суусаганын, кер жыландын кепшегенин билет. Аны сен оңой ойлобо* («Чалкан»).

**СУРА** 1. Бирөөдөн жооп алыш, бир нерсе жөнүндө айттырыш үчүн суроо кылып кайрылуу. *Он бешинчи заводдун Устасы экен сурасам* (Осмонов). *«Атың ким» деп сурадым. Жаңылык сурайлычы. Сурабагын неге деп, баарын кечтим, Жадап бүкүр бүтпөгөн үтүрлөрдөн* (Чотурова). 2. Бир нерсе алуу же кандайдыр бир башка максат, иш боюнча өтүнүп кайрылуу, сурануу. *Сурап ичкен тамагың, Суу ичкен менен барабар* (Токтогул). *Жараткан Алла бар кудай, Жардамды сенден суранам* (Казыбек). *Ар кимден жол сурап, кайда барарын, кайсы жолго түшөрүн билбей адашып жүрүштү* («Ала-Тоо»). *Эл алдына келип кечирим сураса болбойт беле* (Байтемиров). 3. Бийлик жүргүзүү, башкаруу. *Түбү сурап эл бийлеп, Жеп келгенден болбогун* (Барпы). *Эл сураган Алтыбай, Эң эле адил шер болсо* («Эр Табылды»).

**СУРААК** Сурагандан уялбаган, дайыма суранып жүргөн адам.

**СУРАБА** *эск.* Ийри кылыч. *Мурундарын карасаң, Сурабанын кабындай.*

**СУРАЙЫЛ** Топ жылдыз, үркөр. *Кыздары сурайылдай сулуу келет, Токочко кыздар аркылуу бакыт кошо* (Бектенов).

**СУРАК** 1. Тергөө, тергөө жүргүзүү. *Сот алды байды суракка, Сүйүндүм ошол убакта* (Калык). 2. Бийлик, башкаруу. *Кайрат менен кол сунуп, Алдык колго суракты* (Осмонкул). *Түбүнөн бери жок кылгын, Мурункунун сурагын* (Токтогул).

**СУРАККАНА** Кылмыштуу деп кармалган адамдарды суракка ала турган бөлмө.

**СУРАКСЫЗ** 1. Сурак болбостон, суракка алынбастан, тергөөсүз. 2. Уруксатсыз. *Сураксыз келип конгудай, Оолугуп кандай демиң бар* («Манас»).

**СУРАКЧЫ** *сүйл.* Сурак жүргүзүүчү, тергөөчү. *Түн ортосунда тұрткүнчүк болуп суракчылардын алдында отурган адамдын абалы кандай болору ар кимге белгилүү* («Советтик Кыргызстан»).

**СУРАЛ** **сура** этишинин туюк мамилеси.

**СУРАМ** *экон.* Сатып алуучулар жөндөмдүүлүгү менен бекемделген керектөөлөр. Кандайдыр бир иш боюнча расмий түшүнүк талап кылуу, мисалы, депутаттын суроо-талабы.

**СУРАМЖЫЛА** Суроо салып иликтөө, көп жерден суроо, сураштыруу. *Биз алардын дайынын сурамжылап таппай жүргөнбүз* (Жантөшев).

**СУРАМЖЫЛАТ** **сурамжыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУРАМЖЫЛОО** **сурамжыла** этишинин кыймыл атоочу.

**СУРАМЧЫ** Көп сураган, сураганды жакшы көргөн адам; тилемчи. *Сурамчылар көбөйүп бара жатат* (Бейшеналиев).

**СУРАН** **сура** этишинин өздүк мамилеси. *Алыстагы ашууларга жетсеңер, Суранамын, силер менин атымдан...* (Байгазиев).

**СУРАНЫЧ** Өтүнүч, сурап өтүнгөндүк.

**СУРАТ** **сура** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУРАШТЫР** Иликтөө, суроолорду берүү, сурамжылоо, ар кимден сурап, билүүгө аракет кылуу. *Тапкычтап сураштырганыбызда да алардын Ошко*

*келгендиги чын болуп чыкты* (Жантөшев). *Бейшекеден борбордогу жаңылыктарды сураштырды* (Бейшеналиев).

**СУРАШТЫРУУ сураштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**СУРГУЛТ** Чаңгылт сур, сур сымал. *Сургулт булуттар Арсланбабдын асман тиреген ала аскасын көздөй агылып турат* (Бөкөнбаев).

**СУРГУЛТУМ** *диал.* Сургулт. *Сургултум булуттар жай каалгып жүрөт.*

**СУРДА** Боз өңгө боёо. *Айгырын сурдап салганбы, буурулунан бузулуп, сурча болуп калганбы?* (фольк.).

**СУРДАН** Түсүн үйрүү, ачуусу келип кумсаруу. *Асалхан каарына алгандай сурданып ордунан тура калды* (Жантөшев). *Кашыңа келген кишиге Кабагың түйүп сурданба* (Осмонкул).

**СУРДАНТ сурдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУРДАНУУ** 1. **сурдан** этишинин кыймыл атоочу. 2. Түсүн үйрүү, ачуусу келип кумсаруу.

**СУРМА** Кирпиктин үстү жагынан кыдырата бойлоп көрк берип турган ичке назик жик. *Сурма көз. Көзүнүн сурмасы бар.*

**СУРМАЛУУ** Сурмасы бар. *Сурмалуу көзү моймолжун тартып Жийдегүл бешик ырын ырдай баштады* (Сасыкбаев). *Назгүлдүн сурмалуу көздөрү ого бетер ажарын ачып турат.*

**СУРНАЙ** Үйлөп үн чыгаруучу, кол менен баса турган тешикчелери бар түтүкчө түрүндөгү музыкалык аспап. *Мен ырым менен аңгемемди эми улантайын деп турганда сурнай тартылып калды* (Каралаев). *Туткага байланган желекчеси менен мышыкча илинген сурнай муздай жалтырады* (Сыдыкбеков).

**СУРНАЙЧЫ** Сурнайда ойной билген, сурнай тарткан киши. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев). *Сурнайчы сурнай тартса, барабанчы барабан ойнойт* (Сыдыкбеков).

**СУРОО I** 1. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө билүү үчүн жооп талап кылган кайрылыш, собол. *Сапар суроого жараша жооп берип жатты* (Жантөшев). 2. Чечүүнү талап кылган, чечиш үчүн коюлган маселе. *Бул суроолорду өлкө тагдыры чечерин биздин замандын кишилери түшүндү* (Сыдыкбеков). 3. Талап, керектөө, өтүнүч, сураныч. *Жаңы китептерге болгон суроо. Керектүү товарларга суроо көбөйүүдө.* 4. Белгисиздик, чечиле электик. *Экинчи мен көрөмүнбү? Чоң суроо!* (Токомбаев). 5. Уруксат. *Тыштан суроо-сопкуту жок эле эки киши кирди* (Убукеев).

**СУРОО II сура** этишинин кыймыл атоочу.

**СУРОО БЕЛГИСИ** Суроолуу сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгиси (?).

**СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ** Суроо маанисиндеги сүйлөм.

**СУРООЛУУ** Суроо мааниси бар, суроосу бар, сураган. *Жандай басып жаркылдап суроолуу сөзгө кирди* (Сасыкбаев). *Суроолуу көз караш.*

**СУРООЧУ** 1. Суроо берген, сураган киши. 2. Сураганды жакшы көргөн, көп сураган киши. *Суроочунун көп экен өзүнүн малы, Аяп мингиси келген аны* (Шүкүрбеков).

**СУРП** Кездеменин бир түрү. *Таза болот сурп деген, Сулууда болот кулк деген.*

**СУРРОГАТ** 1. Кандайдыр бир нерсенин бир бөлүгү менен бирдей болуп анын ордун алмаштыра ала турган, бирок аны толук канааттандырбаган зат.

**СУРУ КАЧУУ** 1. Үрөйү учуу, коркуп кетүү. *Ата-энесинин урушунан суру качкан балдар мештин түбүнө корголойт* («Ала-Тоо»). 2. Абдан арып-ачкан, кейпи кетип жүдөгөн абалга келүү, өңүнөн азып арыктоо. *Маманазар кызыл чиедей жаш балдарлуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев).

**СУРУН САЛУУ** Жагымсыз, начар мамиле жасоо, жактырбаган, сүйбөгөн көз караш менен түсүн үйрүү. *Сурун салып турат. Барсак эле сурун салып калды. – Ыракматың өзүңө буюрсун, – деди да, Эдигей ачуулана сурун салды* (Айтматов).

**СУРЬМА** 1. Техникада жана медицинада колдонулуучу күмүш түстүү морт металл, химиялык элемент. *Күмүш, калай, сурьма, сымап жалтырак, Кымбат металл бизден чыкты жаркырап* (Токомбаев). 2. Кашты, кирпикти, чачты карартып боёй турган боёк.

**СУСАМЫР** *диал.*Өсүмдүктүн аты.

**СУТКА** 24 сааттык убакыт өлчөмү, бир күн жана бир түн убакыт. *Люба да кылдай чолоосу болбой, көп учурларда суткасына уулун көрбөйт* (Сыдыкбеков). *Жол тарттык эки сутка бир вагондо, Кадимки жолдошторчо болуп шерик* (Турусбеков).

**СУТРА** *филос.* Байыркы индиялык философиялык, диндик, илимий жана юридикалык трактаттар.

**СУУ I** 1. Булак, өзөн, дарыя, көл, деңиздерди пайда кылуучу, химиялык жагынан алганда водород менен кислороддун кошулушунан келип чыккан түссүз суюктук. *Суу – жерге, байлык –элге* (макал). 2. Өзөн, дарыя. *Куюп жатат Чычканга Жети-Суудан эки суу* (Токтогул). 3. Кургак эмес, ным. *Суу болгон кийимдериңерди кургаткыла* (Жантөшев). *Суу тал. Суу отун.*

**СУУ II** 1. Илеби кайтуу, муздоо, салкын тартуу. *Тамак сууп, эртеден бери столдо ичилбей туруп калды* («Чалкан»). *Абаз абанын ысыгы тез сууп, тез кеч киришин чыдамсыздык менен күтүүдө* (Таштемиров).

2. Мурдагыдай болбой калуу, кызуу болбой калуу, көңүлү кала түшүү, деми кайтуу, басандоо. *Жакшы кеңеш угамын деп айткан Жанболоттун көксөсү суул, көчөгө чыкты* (Шимеев). *Эненин кызыл өңү бозоруп, сабыры сууй түштү* (Сыдыкбеков). 3. Тапталуу, көкүрөгү басылуу, мыкты чуркай турган болуп бышыгуу. *Аргымак сууйт тер менен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сууп калган буудандар, Сүмбөдөй болуп жарады* («Семетей»). *Аттар сууп калганда, Таңга супа салганда* («Эр Табылды»).

**СУУ АШЫРБОО** Таратпоо, жайылтпоо, жашырып-жаап коюу. *Седеп кудагыйга айтып кой, башка ага-инисинин сөзүн суу ашырбай бассын, – деди* (Карыбаев).

**СУУ БОЛУУ** Абдан убара тартуу. *Акымды өндүрүп ала албай үч ай суу болдум* («Чалкан»).

**СУУ ЖООЛУК** Сүлгү. *Шалактатпай бутумду, Суу жоолук менен таңайын* («Эр Табылды»).

**СУУ ЖУГУЗБОО** Терс жактарына эч көңүл бөлбөй, жалаң гана оң жактарын айтып мактай берүү, өткөрө мактоо. *Эки бала урушуп калса, күнөө кимисинде экенине карабай, өз баласына суу жугузбайт, а бирөөнүн баласын жамандай берет* («Ала-Тоо»).

**СУУ ЖУКПАС** Өзүнө сөз тийгизбей, ар кандай кыйын кырдаалдан аман-эсен кутулуп кеткен, өтө эпчил, куу. *Суу жукпас азаматтан болбосо Токтобек кара малды түгү менен, төөнү жүгү менен, акчаны түрмөгү менен жутуп алып, аман-эсен башкармалыктан бошоп, чоң кызматка көтөрүлбөйт эле да* («Чалкан»).

**СУУ ЖҮРӨК** Коркок, кайратсыз, жүрөгү жок, жалтак. *Айтпадымбы! – деди Омор оңдоно калып, – Суу жүрөксүң* (Сыдыкбеков). *Кайраты жок, суу жүрөк, Кара жерге кирсин деп* («Эр Төштүк»).

**СУУ ИЧКЕНДЕЙ БОЛУУ** Абдан арыктоо, өңүнөн азуу. *Баягы кыпкызыл Асанбек жок, алты ай суу ичкендей болуп, кулагынан күн көрүнүп калыптыр* («Чалкан»).

**СУУ КАРЕК** Көзү ачык туруп эле көрбөй калган, көрүү жөндөмдүүлүгүн жоготкон, сокур. *Карап туруп кабылан, Суу карек болуп калганың* («Манас»).

**СУУ КЕЧИРҮҮ** Убактылуу ыраазы кылуу, алдап жолго салуу, иттен чыгаруу. *Алар-булар эле деп чоң тизме түзүүнүн зарылдыгы жок-тур, же ал жөн эле суу кечиргенби* («Чалкан»).

**СУУ КЕЧПЕГЕН СӨЗ** Жараксыз, орду жок, келжирек, эч нерсеге арзыбай турган, эч ким тоготпогон сөз. *Суу кечпей турган сөздү айтып эмне кыласыңар! – деди Асанкул* (Убукеев).

**СУУ КОШПОО** Так өзүндөй, кандай болсо ошондой, эч кошумчасыз. *Балам, ушул сөзүмдү суу кошпой атаңа айтып баргын* («Ала-Тоо»). *Анын суу кошпой сүйлөгөнү жакты* (Осмоналиев).

**СУУ КУЙДУ** Орду жок, туругу жок, шайкелең, тентек. *Суу куйду жинди.*

**СУУ КУЙСА ТӨГҮЛГҮС** Бөжүгөн, мыкты жүрүшү бар жоргого карата айтылат. *Соорусуна суу куйса төгүлгүс боз жорго эле* («Ала-Тоо»). *Биздин колхоздун суу куйса төгүлгүс сур жоргосу жарышта биринчи болуп келди.* **В.: Суу төгүлгүс.** *Суу төгүлгүс жорго.* **Суу куйса чайпалгыс.** *Жаныбарым тим эле суу куйса чайпалгыс жорго тура.*

**СУУ КУШТАРЫ** *аңч.* Сууда жашоочу куштар.

**СУУ МАЙ** Өсүмдүк майы. *Суу майга жасалган этсиз, тузу ачуу капуста сорпо* (Абдукаримов).

**СУУ МОНЧОК** Тунук мончок, айнектен жасалган мончок. *Турдукан кунандын көкүлүнө, куйругуна суу мончок такты* (Бейшеналиев).

**СУУ МУРУН** Мурдунан суусу куюлуп, кайра-кайра мурдун тарта берме деген мааниде.

**СУУ МУРУН СӨЛӨК** Начар, жүдөңкү, шалаакы аял.

**СУУ МЫЛТЫК** Суу сордуруп жана кайра аны атырылта чачыратып ойнош үчүн түтүктөн (көбүнчө балтыркандын сөңгөгүнөн) жасаган оюнчук. *Суу мылтык кылып алышып, Атып жүрөт балалык* (Токтогул).

**СУУ САКТАГЫЧ** Сууну токтотуп, көбөйтүү, топтоо, сактоо үчүн курулган жасалма көлмө.

**СУУ СЕПКЕНДЕЙ БОЛУУ** 1. Кимдир бирөөнүн жаман кылык-жоруктарын, кыянатчылыгын ж.б. сезип ичи муздай түшүү, ага карата жек көрүү сезими пайда болуу. *Баягыдан кийин суу сепкендей болдум* («Чалкан»). *Жылдызкандын көтөрүлө түшкөн көңүлүн агасынын акырандашы суу сепкендей кылды* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир окуя жөнүндөгү маселе, имиш-имиш тез басылуу, тып токтолуу. *Кубур-шыбыр суу сепкендей басылды. Чуу суу сепкендей басыла түштү. Жалгыз Момундун үнү басылган жок* (Касымбеков).

**СУУ СИЙДИК** Уругунан бала болбогон, бала төрөлбөгөн (эркекке карата айтылат). *«Суу сийдик», «Куу баш» деген сөздү укпаган, мынчалык катуу, заар сөз экенин сезбеген* (Касымбеков).

**СУУ ТУМШУК** 1. Жек көрүндү. 2. Жакындарына батпаган. 3. Кадырын жоготкон. 4. Элден чыккан. *Мына ушул күр жайлоонун түрүндөй көңүл ачкан жайда жалгыз гана ал өзү суу тумшук болуп чыкты* (Станалиев).

**СУУ ЧАЯН** *астр.* Зодиак топ жылдызы.

**СУУ ЧЕЧЕК** Денеге барсайып, ыйлаактап чыгуучу балдардын жугуштуу оорусу.

**СУУГА АЛУУ** Өлгөн адамдын сөөгүн жууп-тазалоо. *Өлүктү сууга алышты.*

**СУУГА САЛУУ** 1. Жок кылуу, жоготуу, түгөтүү, аягына чыгуу. *Малдын башын урдум, дүнүйөнү сууга салдым* (Сыдыкбеков). 2. Унутуу, ойдон чыгарып коюу. *Өткөн-кеткенди сууга салалы, эл болушалы деп келдик* (Жантөшев). **В.: Сууга кетирүү.** *Колумда калган беш-он жылкымды сууга кетиргемин* (Сыдыкбеков).

**СУУГА ТҮШКӨН ЧЫЧКАНДАЙ** Өтмө катарынан өтүп, аябай чыланып, эч кургак жери калбай суу болгон абалга карата. *Жамгыр эленип, көчүк басар орун калбай, сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүшүп, ак жаандан соңку чыкыроондо бүк түшүп жыгыла башташты* (Касымбеков).

**СУУГУНА ТОҢУП, ЫСЫГЫНА КҮЙҮҮ** Кимдир бирөөнүн бардык кыйынчылыгын бирдей көтөрүү, абдан күйүмдүү болуу, ар дайым кам көрүп келүү. *Алымдын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп баккан энеси* (Жантөшев).

**СУУДАЙ БИЛҮҮ** Башка тилди мыкты билүү, шар сүйлөө. *Төрт жыл орус жолдоштордун ичинде жүрүп, тилди суудай билдим* (Токомбаев).

**СУУДАН КЕЧКИЧЕ** Бирөө аркылуу зарыл ишин бүтүрүп алгыча, кырсыктан кутулуп, оңолуп алгыча. *Суудан кечкиче тим эле жаныңды суурут алчудай болгону болгон, акидей эле асылат* (Ала-Тоо).

**СУУДАН КУРГАК ЧЫГУУ** Кандай күнөө кылса да, эч билинбей, өтө эпчилдик, амалдуулук менен кутулуп кетүү. *Адилеттиктин тузагына чалынбай суудан кургак чыгат* («Чалкан»).

**СУУК** 1. Абанын төмөнкү температурада болушу, муздактык, аяз. *Суукка чыйрыгып калган койлор чубуруп короого келе баштады* (Убукеев). *Кыш чилдеси кырк күнү, Суук болот күн-түнү* (Тоголок Молдо). 2. Сулуу эмес, серт, кебетеси жаман. *Аркаңдагы учкашкан, Түрү суук кандай таз* («Эр Төштүк»). *Болуштун өңү адамдан суук эле* (Каралаев). *Сарайдын кебетеси да суук көрүнөт* (Байтемиров). 3. Жагымсыз, ырайымсыз; кейиштүү, кайгылуу. *Суук көз. Суук кабар. Тили суук.* 4. *сүйл.* Организмдин начарланышы, күчтүүлөп тамактанууну талап кылган организмдин начарлоосу. *Апийим уу болот. Мында тамакты күчтөп ичпесе, киши суугуна тегеренип жыгылып калат. Ысак сенин суугуң ашып кетиптир* (Абдукаримов).

**СУУК БООР** Өз эмес, башка, чоочун, жакын эмес, бөлөк. *Бул айбандын суук боор экендиги билинди го* («Ала-Тоо»).

**СУУК КОЛ** Бүлдүргүч, зыян келтирүүчү, душмандык кылуучу. *Суук кол тийбесе, нал өспөгөндө, кайда барат дейсиң* (Бөлөкбаев). *Коомдук мүлктү суук колдон сактайлы* («Советтик Кыргызстан»).

**СУУК КОЛУН САЛУУ** 1. Коомдук мүлккө же башка бирөөнүн мүлкүнө, акчасына көз артып, аны өз кызыкчылыгына пайдалануу, өзүнө алууну көздөө. *Бүткүл элдик менчикти сактоодо ага суук колун салып жаткандарга каршы күрөшүү аракеттери жүргүзүлүп жатат* («Советтик Кыргызстан»). 2. Душмандык кылуу, кыянатчылык көрсөтүү. *Сурасам бербес Төштүгүң Суук колум саламын, как баш* («Эр Төштүк»).

**СУУК КӨЗ** Жаман ниеттеги, жаман пикирдеги жат киши, душман. *Силер суук көзгө көрсөтпөй турган кызыңарды өлүмтүк дөбөткө тыттырдыңар* («Советтик Кыргызстан»). *Суук көздөн качып, байкалбас эл четин чалды* (Осмоналиев). *Суук көзгө карааны Беш-алты жүз чамалуу* (Тоголок Молдо). *Суук сөздөн, суук көздөн калкалап, Канча жолу нөшөрлөрдөн далдалап* (Бегимкулова).

**СУУК КӨЗГӨ ЧАЛЫНБОО** Ниети жамандан алыс болуу, ичи кара, жамандык издегенден качуу, оолак жүрүү. *«Элим ай, мен качкынмын, көп да даршан боло бербейин, суук көзгө көп чалынбай көңүлдөш кишилердин ичинде эле жүрө турайын»,– деди* (Касымбеков).

**СУУК КӨРҮНҮҮ** Көзгө жаман көрүнүү, жек көрүндү болуу, жакпоо. *Токтонбойт санаа, көңүлүм, Элиме суук көрүндүм* («Кедейкан»). *Жылдызкансыз үйдүн ичи мүрзөдөй суук көрүндү* (Байтемиров).

**СУУК ООЗ** Заар тилдүү, тили суук, кер ооз. *Суук ооз шүмшүктүн Дыркырап турат мүнөзү* (Тоголок Молдо). *Келиптир суук ооз ант урган чал, Эшикте балдар менен жакалашты* (Шүкүрбеков). *Бир суук ооз шүмшүк бар, Шүмшүктө далай түйшүк бар* (Тоголок Молдо). *Суук ооз шүмшүктүн, Дыркырап турат мүнөзү* (Тоголок Молдо). *Келиптир суук ооз ант урган чал, эшикте балдар менен жакалашты* (Шүкүрбеков).

**СУУК СЕЛКИ** Ынтымагы жок, ынтымаксыз. *Уулу менен келининин суук селки экенин Алима билет* («Ала-Тоо»). *Алар суук селки көрүндү.*

**СУУК СӨЗ** Жаман, терс, заар, ачуу айтылган кеп. *Суук сөздү бетке айтат, Куралган жыйын көпкө айтат* (Тоголок Молдо). *Акунжан жөнүндөгү аркы-берки суук сөздөр күн сайын көбөйүп кетти* (Байтемиров). **В.: Суук тил.** *Букендин суук тили Зуурakандын жанына далай баткан* (Сыдыкбеков). *Өз өкүмдары катуу кол, суук тил болгону үчүн түп көтөрө ага каршы аттанып чыкканын, эске салды датка айым* (Касымбеков).

**СУУК ТИЙҮҮ** Суукка урунуудан ооруга чалдыгуу, сезгенүү. *Суук тийгенби, айтор, мурдун шор тартып утур-утур шыпшынат* (Байтемиров).

**СУУК ТИЛИН АГЫТУУ** Оозго алгыс ачуу

сөздөр менен тилдөө, жаман айтуу. *Арзымат ырчы болсо күндүр-түндүр дебей ушак айтып, Токтогулга суук тилин агытты* (Бөкөнбаев).

**СУУК ТУМШУК БОЛУУ** Жек көрүнчү болуу, жаман атка конуу деген маанилерде колдонулат. *Менин ошо кадырымды жанагы атың өчкөн Кулет дей турган сынган кернейдей болгон суук тумшук кара санатай ит тепсеп отурбайбы* (Ш.Үмөталиев). *Иштебегендер элге-журтка суук тумшук болуп калучу* (Байтемиров). *Башта суук тумшук болуп, эл-журттан бөлүнүп калганын эми түшүндү* (Байтемиров). *Кызматыма да, үйүмө да суук тумшук болуп баратам* («Чалкан»).

**СУУККА АЛДЫРУУ** Үшүтүп жиберүү. *Акбар кулагы менен бетин суукка алдырып жибериптир* (Убукеев).

**СУУКТУК** 1. Суук экендик. *Ысыкта, сууктукта тыным албай, Кургады суусуз чөлдө катып таңдай* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Сууй баштагандык, баштагыдай болбой калган мамиле. *Улам-улам суукtук аралай берди* (Сыдыкбеков).

**СУУКЧАН** Элдик медициналык түшүнүктө кан басымы төмөн түшүнүгүнө туура келүүчү маани.

**СУУЛА** Суу менен нымдоо, суу кошуп, суу жугузуп коюу. *Бекиш чүпүрөктү суулап келип досканы сүрттү* («Ала-Тоо»).

**СУУЛАН суула** этишинин өздүк мамилеси.

**СУУЛАТ суула** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУУЛОО суула** этишинин кыймыл атоочу.

**СУУЛУК I** 1. Жүгөндүн ооздук темирине төңөлүк аркылуу тизгин, чылбырдын туташтырылган бөлүгү. *Аттар ооздугун кемирип, суулугун шылдырата берет* (Сыдыкбеков). *Жакып тор кашканы кош суулуктан алып, кыймылдатпай кармап турду* (Шүкүрбеков). 2. *диал.* Ооздук. *Табына келген буудандар Суулугун чайнап кемирет* (Токтогул).

**СУУЛУК II** Сүлгү, суу жоолук, кол аарчы. *Белен турган ак баржак суулукту алып сүртүнүп, кургандым* (Убукеев).

**СУУЛУК III** 1. *диал.* Жаанда кийүүчү суу өткөрбөс кийим. 2. Тапка үйрөтүлүп жаткан куш, бүркүткө ак жем менен бирге берилүүчү суюгу. *Тапкан келиш үчүн да суулук берет.*

**СУУЛУКТА** Суулуктан кармоо (жүгөндүн суулугу жөнүндө). *Экөөнү эки жигит суулукташып, Дагдаңдап кыйналыша келе жатты* (Токомбаев).

**СУУЛУКТОО суулукта** этишинин кыймыл атоочу.

**СУУЛУУ** Суусу бар; нымдуу, суусу көбүрөөк. *Кайнак суулуу, ысык буулуу боёо цехи ушул* (Сасыкбаев).

**СУУН суу** этишинин өздүк мамилеси.

**СУУР I** Ийинде жашап, кышкысын чээнге кире турган кемирүүчүлөр тобуна жатуучу жапайы айбан. *Үч-төрт суур аңкыштап кире качты* (Жантөшев).

**СУУР II** Кындан, катылуу жерден же бир нерсенин арасынан алып чыгуу, тартып чыгуу. *Кара болот нар кескен Кындан алып сууруп* («Манас»). *Көкүрөктөн бир ыкшап, Сууруп ташта найзамды* («Курманбек»). *Бир сомду чөнтөгүмдөн сууруп жатканда, көз алдымдан ушунун баары чууруп өттү* (Усубалиев).

**СУУРДУН АЙГЫРЫНДАЙ КОРС ЭТҮҮ** Жөнү жок, жүйөсү жок ороң этүү, уятсыйыты жок орой сөз айтуу деген маанилерде. *Анын сөзүн кулагы чала калган аш ээси, сокур неме, булардын бети кайтпас түрүн байкап, суурдун эркегиндей корс этти* (Ш.Үмөталиев).

**СУУРМА** Шкафтын, столдун жана башка эмеректердин суурулуп алынуучу тартмасы, өзүнчө бөлүгү. *Мына бул гардеробго кийимдерин илип, астындагы суурмасына бут кийимдерин чечип коюшат* («Ала-Тоо»).

**СУУРТ суур** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУУРУЛ суур** этишинин туюк мамилеси.

**СУУРУУ суур** этишинин кыймыл атоочу.

**СУУСА** 1. Чаңкоо, суу, суусун ичкиси келүү. *Суусаганда жагымдуу Балдан таттуу аккан суу* (Тоголок Молдо). *Түндө мен суусаганда бул кымызды эмне үчүн мага беришкен жок* (Каимов). 2. Суу тилеп туруу, сугарууну талап кылып туруу. *Суусап жаткан эгинди Кандырасың Ак-Буура* (Токомбаев). 3. *өт.* Эңсөө. *Куду башатка жамыраган козулардай, суусаган балдар булакты көздөй чуркашты.*

**СУУСАР** Териси баалуу майда жырткыч айбан жана анын териси. *Суу боюнда көрүнбөй, Суусар бойлойт жылтылдап* (Осмонкул). *Ичин суусар ичтетип, Тышын булум тыштатып* («Манас»).

**СУУСАТ сууса** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУУСОО сууса** этишинин кыймыл атоочу.

**СУУСУ ТҮГӨНҮҮ** Жашай турган күнү бүтүү, өлүү. *Суусу түгөнгөн күнү киши өлөт. «Бечара, мунун да суусу түгөнгөн экен» – деп кейимиш болушуп, тууган-урук көөмп коё турган* (Мавлянов).

**СУУСУН** 1. Суусагандык, чаңкагандык. *Толкуп аккан булактан Суусунун мыктап кандырды* («Эр Төштүк»). *Суусуну кана ичсин – деп, Байтал кымыз бал берип* (Калмырза). 2. Суусунду кандыруучу, суусаганда ичүүчү суюктук. *Колунан колхоз кызы суусун берди* (Үмөталиев).

**СУУСУН ИЧҮҮ** Абдан үйрөнүп калуу, көнүп калуу. *Тамекинин суусун ичет.*

**СУУСУНДУК** Суусагандыкты кандыруучу суюктук, суу, суусун. *Коноктор суусундукка кымыз иче башташты.*

**СУУТ I** Суугандык, сууп тапка келгендик (күлүк атка карата). *Суутун жакшы кандырган, Көк шиберге чалдырган* (Тоголок Молдо). *Узакка чабылганга сууту жетпегендик кылып, каны куйуп кеткен экен* (Жакыпбеков).

**СУУТ II суу** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУУТЕК** Кычкылтек менен кошулганда сууну пайда кылуучу эң жеңил, түссүз газ, химиялык элемент.

**СУУТУП КОЮПТУРБУ** Баруунун эч жөнү, кажети жок, сага эмне бар, барба деген мааниде колдонулат. *Мага окшогон кетменчилерге ал жакта суутуп коюптурбу?* (Маликов). – *Эмне, Чүйдө суутуп коюптурбу, бирөө бизге Кайда барсаң Мамайдын көру* (Сыдыкбеков).

**СУУЧУ** 1. Сугатчы, суу сугарып жүргөн киши. 2. *сүйл.* Ирригатор, ирригация боюнча адис. 3. Мурап.

**СУУЧУЛ** 1. Сууда жашаган, тиричилиги сууда өткөн. *Суучул кара чакылдак, Бу да келди шакылдап* (Тоголок Молдо). 2. Сууда сүзүүнү жакшы билген. *Суучулдардын мелдеши өткөрүлдү. Күркүрөп аккан шарыңдан, Суучулдар өтөт сүздүрүп* (Барпы). 3. *сүйл.* Моряк, матрос. *Сүрдүү флот, эр суучул, Турат сени кайтарып* (Үмөталиев). *Айгышкан жоосун кыйраткан, Суучулдун турган жери экен* (Үсөнбаев).

**СУФИЗМ** Исламдагы мистикалык агым.

**СУФЛЁР** Театрда ролдун сөздөрүн актёрго шыбырап айтып туруучу киши.

**СУФФИКС** Унгудан кийин уланып, сөзгө жаңы маани берүүчү аффикс; сөз жасоочу мүчө; куранды.

**СУЮК** 1. Суу сыяктуу куюла турган; коюу эмес. *Суюк айран. Суюк жарма.* 2. Сейрек, суйдаң, калың эмес, бирин-серин. *Көкүлү суюк, жибек жал, Көзү чолпон жылдыздай* (Осмонкул). *Суюк чыккан токой жыгачтары.*

**СУЮКТУК** 1. Суюк түрдөгү заттар. 2. Суюк заттарга таандык касиет.

**СУЮЛ** Суйдаң тартуу, суюк болуу, сейректенүү, бирин-серин болуу. *Эми андагы калың токой суюлган кез* (Сыдыкбеков). *Суюлат жылдыз таң менен* (Барпы). *Коюу аш суюлгудай болду го* («Ала-Тоо»).

**СУЮЛТ суюл** этишинин аркылуу мамилеси.

**СУЮЛУУ суюл** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮБӨ** 1. **сүбөө** менен бирдей. 2. Жетим кабырга.

**СҮБӨӨ** Кабыргалардын бүткөн жериндеги кыска чемирчек сөөк; дененин ошол бөлүгү. *Койдун сүбөөсү. Сүбөөгө саюу.*

**СҮБӨСҮН КӨТӨРҮҮ** Мактануу, өзүн көрсөтүү, менменсинүү. *Эч качан, эч убакта «Мен жасадым, мен тигинттим, минттим» деп сүбөсүн көтөрбөгөн жан эле* («Ала-Тоо»).

**СҮЗ I** Мүйүзү менен челип алуу; башы менен бир тийүү. *Жанына уй жолосо эле сүзөт* (Бейшеналиев). *Көзү бозоргон там сүзөт* (макал).

**СҮЗ II** Сууда калкып жүрүү, чабак уруп жүрүү, сууда жүрүү, суудан кайык, кеме ж.б. менен же чабак уруп өтүү. *Үстүндө сүзгөн өрдөк, каз Эркиндеп учкан турбайбы* (Турусбеков). *Кемелер сүзгөн көгүлтүр Днепр жээгин сүрөттөп, Мыскалды кызыктырышкан* (Сыдыкбеков). *Сууну сүзүп өтүп жатат, Эр солдаттар кайраттуу* (Шамшиев). 2. Коюусу менен суюгун бири-биринен чыпкалап же бир нерсе аркылуу өткөрүп ажыратуу. *Какылдак жапма челегин ачып, бозо сүздү* (Сыдыкбеков). *Кесме сүз.* 3. Абада, асманда калкып, сызып өтүү. *Асманда сүзүп жүргөн ай сыяктуу, Деңизге мен түшөйүн, толкун, айда!* (Шимеев).

**СҮЗГҮ** *диал.* Чыпка.

**СҮЗГҮР** *диал.* **сузгу** менен бирдей. *Апам сүзгүрдү илгичке илип койду.*

**СҮЗГҮЧ** Суюктуктан коюу нерсени (мис. кесмени) сүзүп алуу үчүн колдонула турган буюм, курал.

**СҮЗДҮР сүз** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЗМӨ I** Айрандан, жуураттан сүзүп (суусун сарыктырып) алынган азык жана анын суюга эзилгендегиси. *Жан аякка суу алып, сүзмөдөн чаңыт эзишти* (Жантөшев). *Муздак сүзмө жутасыңбы? – деди бир келин* (Жантөшев).

**СҮЗМӨ II** *диал.* 1. Ээр басмайыл, жүгөн, куюшкандардын тиешелүү жерлерине бастырылган ар кыл коздук күмүш. *Сүзмө ээрдин боо-чуусуна бекитилет.*

**СҮЗӨ КАЧЫРУУ** Тартынбастан, токтолбостон кирип баруу, жөндүү болбосо да түз эле бара берүү. *Сүзө качырып үйүнө кирип бардым* (Бейшеналиев). *Көздү жумуп, үйүңөргө сүзө качырып келип калдык, кечиресиз! – деди Акбар* (Убукеев).

**СҮЗӨК** Этти ысытып, калтыратып, жөөлүтүп кармай турган жугуштуу оору. *Токол болсо төшөктө, Сүзөк менен ооруптур* («Мендирман»).

**СҮЗӨКТӨ** Сүзөк менен ооруу, ушул илдетке чалдыгуу.

**СҮЗӨНӨК** Сүзүп жиберүүчү, көп сүзгөн. *Сүзөнөк уй. Сүзөнөк кочкор.*

**СҮЗҮЛ** 1. Эрдин кымтып, көзүн сүзүп созулуу, көшүлүңкү, каалгыган абалда болуу. *Суйсалып сулуу сүзүлбө. Сулуулугуң өңүндө* (Токтомушев). *Сүзүлгөн жакшынакай жеңелерге салам де* («Чалкан»). 2. Жыртыла баштоо, күчү кетип жукарып калуу. *Ала кийиздер да сүзүлүп жыртыла баштаган* (Байтемиров). *Алиманын көйнөгү жамаачы*

*талап кылгансып, көп жери сүзүлүп калыптыр* (Абдукаримов).

**СҮЗҮЛТ сүзүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЗҮЛҮҮ сүзүл** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЗҮҮ сүз** этиштеринин кыймыл атоочу.

**СҮЗҮШ сүз** этишинин кош мамилеси.

**СҮЙ** 1. Ашык болуу, эркек аялды же аял эркекти жактырып, көңүлүн алып калуу, сүйүүгө берилүү. *Жароокер сулуу кыз сүйсөң, Жашчылыгың бир кызык* (Токтогул). 2. Жакшы көрүү, кадырлоо, урматтоо. *Алыскы сүйгөн жерди эстеп, Акырын Жыпар ырдады* (Бөкөнбаев). *Ким берилип сүйбөсүн, Көтөрүп баккан энени* (Бөкөнбаев). 3. Бир ишти же бир нерсени каалап калуу, ошого берилип калуу, жактыруу. *Китеп окууну сүйүп калыпмын – деди Шекер* (Убукеев). *Агасы Табылды тамаша сүйгөн шайыр жигит го* (Сыдыкбеков). *Алтынды сүйсөң акактап, Ай-күнүң сенин батат бат* (Байгазиев). 4. Өбүү, жыттоо, эркелетүү. *Кучактачы, сүйчү беттен балаңды!* (Турусбеков). *Маңдайынан да бир сүйүп калууга, Токтоп бербес, токтотууга күч жетпес* (Осмонов). *Сүйүп кой мени, сүйүп кой мени эринден, Сөз берем эми сүйүүдөн сени чегинбейм* (Өмүров).

**СҮЙГӨНЧҮК** *диал.* Сүйүктүү. *Сүйгөнчүк күйөө болгомун.*

**СҮЙГҮНЧҮК** Сүйүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу. *Сүйгүнчүк уулум жанымда* («Ала-Тоо»).

**СҮЙГҮНЧҮКТҮҮ** Сүйүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу. *Каныбектин көзүнө Эркин сүйгүнчүктүү учурады* (Жантөшев). *Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү* (макал).

**СҮЙДҮР сүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙКӨ** Сүртүү, майлоо, жугузуу. *Ички дүйнөсү таза, эч нерседен капары жок кичинекей Бермет каймак сүйкөлгөн нанды жеп чоң энесинин жанында отурат.*

**СҮЙКӨН сүйкө** этишинин өздүк мамилеси.

**СҮЙКҮМ** Жагымдуулук, сүйүктүүлүк, жакшынакайлык. *Жүзүндө сүйкүм да бар, сүрү да бар, Түлкүсү шамдагай деп берет кабар* (Токомбаев). *Ал кезде үнү сүйкүм, ыры көркөм, Эч жигит болгон эмес менден өткөн* (Токомбаев).

**СҮЙКҮМДҮҮ** Сүйкүмү бар, сүйүктүү, сүйгүнчүктүү, жагымдуу, жакшынакай. *Толукшуган жайдын мемиреген кечки жели денеге сүйкүмдүү болуп турат* (Жантөшев). *Тескей Ала-Тоо кандай сулуу, кандай сүйкүмдүү* (Абдумомунов).

**СҮЙКҮМДҮҮЛҮК** Сүйкүмү барлык, сүйкүмдүү көрүнгөндүк, жагымдуулук, жакшынакайлык. *Бардыгы тең Татыбекке сүйкүмдүүлүк менен мамиле кылды* (Байтемиров).

**СҮЙЛӨ** Бир нерсе жөнүндө сөз кылуу, кеп салуу, сөз менен пикирин билдирүү, айтуу. *Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө* (макал). *Колуңдан келсе сүйлөй бил, Ушул баштан орусча* (Токтогул). *А көрөкчө сүйлөчү, пристанда эмнелер бар экен?* (Жакиев).

**СҮЙЛӨМ** Аякталган ойду билдирүүчү грамматикалык байланыштагы сөз же сөздөрдүн тизмеги. *Кумуш кээде бир канча сүйлөмдү окуп алып, эрдин кыбыратып, аны кайталап жаткандай болот* (Байтемиров). *Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр.*

**СҮЙЛӨН** 1. Өзүнчө эле кобурап сүйлөй берүү. *Ары басып, бери басып сүйлөнөт, Бирдемени келтире албай күймөнөт* (Шамшиев). 2. Жемелөө, жекирүү, ачуулануу. *Көк дөө турду күүлөнүп, Кулайымга сүйлөнүп* («Эр Төштүк»). *Салык Базарбекке күпүлдөп сүйлөнүп жүрдү* (Каимов).

**СҮЙЛӨНТ сүйлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙЛӨНҮҮ сүйлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙЛӨӨ сүйлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙЛӨӨК** Көп сүйлөгөн, жаагын жанган, оозу тынбаган, тилдүү. *Ошолордой эченден Тили сүйлөөк чеченден* (Токтогул). *Сүйлөөк келин.*

**СҮЙЛӨТ сүйлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙЛӨЧӨӨК** *диал.* Сүйлөөк. *Сүйлөчөөк чал өрүк терип келди.*

**СҮЙЛӨШ сүйлө** этишинин кош мамилеси.

**СҮЙЛӨШМӨ** Ар түрдүү темада суроо-жооп, сүйлөшүү түрүндө түзүлгөн чет тилдерин үйрөнүү китеби.

**СҮЙМӨНЧҮК сүйгүнчүк** менен бирдей.

**СҮЙМҮЛЧӨК сүбөө** менен бирдей.

**СҮЙӨ** Жөлөө, таёо, жөлөй кармоо. *Каныбекти сүйөй отургузду* (Жантөшев). *Колтуктап сүйөй кармап атына аткаруу.*

**СҮЙӨМӨЛӨ** 1. Жөлөө, таёо, жөлөй кармоо. *Кичинекей сүйөмөлөп көрчү, кулунум* (Токомбаев). 2. *өт.* Колдоо, жөлөк, таяныч болуу. *Жардам берип, Болуп шерик, Жатты жерип, Сүйөмөлө чет элдеги бооруңду!* (Турусбеков). *Аскар да Ашымды сүйөмөлөй берди* (Сыдыкбеков).

**СҮЙӨН** 1. **сүйө** этишинин өздүк мамилеси. 2. *өт.* Бирөөгө, бир нерсеге таянуу, таяныч кылуу. *Жетимдин сүйөнөр алдуу тууганы жок* (Сыдыкбеков).

**СҮЙӨНҮЧ сүйөнч** менен бирдей.

**СҮЙӨНЧ** 1. Жөлөк, таяныч, тирек. 2. *өт.* Колдоочу, таяныч. *Акеңден калган бир жетим, Артыңдан сүйөнч, тирегиң* («Саринжи-Бөкөй»). *Сүрдүккөндө сүйөнчүм* («Манас»).

**СҮЙӨӨ сүйө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙӨТ сүйө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙӨЧӨК** *диал.* Сүйүүгө берилгендик. *Сүйөчөгүң мунун, сүйдүм дейт тура.*

**СҮЙРӨ** 1. Жер же башка бир нерсенин үстү менен сүйрөлгөн, андан бөлүнүп, ажырап кетпеген абалда жылдыруу, ушундай абалда алып өтүү. *Паровоз барат бакырып, Вагонун сүйрөп ташынып* (Үсөнбаев). *Карагайды тамдын аркасына сүйрөп барып койгулачы* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Аракет кылып алып чыгуу, тартуу, жетелөө, алдыга карай үндөө, умтултуу. *Караңгыны билимге, Сүйрөп чыккан мугалим* (Бөкөнбаев). *Жакшы эр элин өргө сүйрөйт, жаман эр элин көргө сүйрөйт* (макал).

**СҮЙРӨЛ сүйрө** этишинин туюк мамилеси.

**СҮЙРӨҢДӨ** Сүйрөлүңкү, өөдүк-сөөдүк кыймылдоо.

**СҮЙРӨӨ сүйрө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙРӨТ сүйрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙРӨТКҮ** 1. Сокону үстүнө коюп, сүйрөтүп алып кетүү үчүн колдонулуучу ача жыгач. 2. Үстүнө бир нерсе (чөп, саман ж.б.) салып сүйрөтүп ташуу үчүн жасалган жалпак чийне. *Зулап сулуну сүйрөткүгө зыңгырата басып алып үймөкчүлөргө таштап кетип жатат* (Байтемиров). 3. *өт.* Дайыма бирөөнүн коштондусунда сүйрөлүп жүргөн, өз алдынчалыгы жок киши.

**СҮЙРӨТМӨ** Унаага чиркеп сүйрөп ала турган, сүйрөп жүрө турган нерсе.

**СҮЙРӨШ сүйрө** этишинин кош мамилеси.

**СҮЙРҮ** Тегерек эмес, капталы, туурасы кууш, узунчасынан келген, учтанып кеткен, сөлпү. *Балка алып колдоруна сүйрү баштуу* (Бөкөнбаев). *Солондун түрүн сурасаң, Сокудай сүйрү башы бар* («Манас»). *Сүйрү таш.*

**СҮЙРҮЙ** Сүйрү тартып кетүү, учтуу, кууш, сөлпү болуп көрүнүү. *Сынтагып турган жерим жок, Сүйрүйтө бербе көзүңдү* («Ала-Тоо»).

**СҮЙРҮЙТ сүйрүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙРҮЙҮҮ сүйрүй** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙРҮЛӨ** Сүйрү формага келтирүү. *Ашым сузгуну сүйрүлөп жасап бүттү* («Ала-Тоо»).

**СҮЙРҮЛӨН сүйрүлө** этишинин өздүк мамилеси.

**СҮЙРҮЛӨӨ сүйрүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙРҮСҮНӨ СҮТ ТОЛУУ, ИЙРИСИНЕ ЭТ ТОЛУУ** Күч-кубат кирип, оңоло баштоо, мурдагы калыбына келүү. *Чоюн кулак капырдын Сүйрүсүнө сүт толду, Ийрисине эт толду* («Эр Төштүк»).

**СҮЙҮКТҮҮ** Сүйкүмдүү, жагымдуу, кадырлуу, жакшы көргөн, жакшынакай. *Чөбү, суусу, атыр жели сүйүктүү. Сүйүктүү жар. Сүйүктүү жаш уландар.*

**СҮЙҮН** Кубануу, шаттануу, сүйүнүчтө болуу, көңүлү куунак болуу. *Жашасын деп өкмөт, Жарды, жалчы сүйүндү* (Тоголок Молдо). *Жалпы журтум сүйүнгүн, Башыбызга сайынган* (Калмырза). *Жылдызкан сүйүнгөнүнө чыдабай алаканын шакылдатып чапкылап жиберди* (Байтемиров).

**СҮЙҮНДҮР сүйүнт** менен бирдей.

**СҮЙҮНТ сүйүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙҮНҮҮ сүйүн** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙҮНҮЧ** Кубаныч, кубангандык, сүйүнгөндүк, көңүл көтөрүлгөндүк. *Сүйүнүчү койнуна батпоо. Сүйүнүч үчүн ичип койгула.*

**СҮЙҮНҮЧТҮҮ** Кубанычтуу, сүйүнүчү бар, сүйүнө тургандай. *Деги уулдуу болгонуңа сүйүнүчтүү экенсиң, Ашыр* (Сасыкбаев).

**СҮЙҮНЧҮ** 1. Сүйүнө турган, кубанычтуу, жакшылык кабарды билдиргенде айтылуучу сөз. *Сүйүнчү, бир уулдуу болдук* (Токомбаев). *Душманга салып күйүнчү, Аташканың Семетей, О жеңе, келип калды, сүйүнчү?* («Семетей»). *Сүйүнчү, чоң ата, сүйүнчү! Балаңар келди, балаңар келди* (Жакиев). *Сүйүнчү агай, чабалекей келиптир, Ар бир жылы жаз маалында биз көргөн* (Акматалиев). 2. Ушундай кабарды угузуп, сүйүнчүлөп келген кишиге берилүүчү белек, сыйлык. *Бектур өзү минип жүрүүчү тору кашка атын сүйүнчүгө берет* (Сыдыкбеков). *Жок мурда сүйүнчүсүн бериңиз, болбосо айтпайбыз* (Абдукаримов). *Сүйүнчүлөп кала гөр* («Манас» С.К.).

**СҮЙҮНЧҮЛӨ** Сүйүнчү айтуу, кубанычтуу жакшы кабарды билдирүү, кабарлоо. *Атаэнесин эң мурун Айдай сүйүнчүлөдү* (Каимов).

**СҮЙҮНЧҮЛӨӨ сүйүнчүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙҮНЧҮЛӨТ сүйүнчүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЙҮҮ I** 1. Аял-эркектердин бири-бирине болгон ашыктык, берилип жакшы көргөндүк сезими. *Сүйүүнүн оту – өчпөс от, Өлгөнчө менмин сеники* (Токомбаев). *Күйөөсүнө калганда келиндин сүйүүсү тунук* (Сыдыкбеков). *Өлүмдөн го кача албасмын, аның чын, Сүйүүдөн да качып кайда кутулам* (Чотурова). 2. Жакшы көргөндүк, кадырлагандык, урматтагандык, берилгендик. *Сансыз айланадагы табияттын көрүнүшүн өтө суктануу жана сүйүү менен карады* (Жантөшев). *Бир максатташ элдерге Мээримдүү жаздай сүйүүң бар* (Осмонкул).

**СҮЙҮҮ II сүй** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЙҮШ сүй** этишинин кош мамилеси.

**СҮКСӨЙ** Чач же сакал-мурут үрпөйүп, үксөйүп көрүнүү, ачууланган, сүрдүү абалга келүү. *Элемандын Төштүгү Айбаттанып сүксөйдү* («Эр Төштүк»).

**СҮКСҮЙ сүксөй** менен бирдей.

**СҮКҮТ** 1. Тынчтык өкүм сүрүү, тымтырс болуу. *Айлана-тегерек жазгы таңга таазим бергенсип, сүкүт салат.* 2. Унчукпоо, сүйлө-

бөй отуруу. *Сукут тарткан эшени, Сүлкүлдөгөн ыймамы, Колунан түшүп калыптыр, Окуп турган кураны* («Манас»). *Нөкөрлөр жалтанып, сукут тартып үңкүйүшүп калышты* (Касымбеков).

**СҮЛГҮ** Бети-колду, денени сүртүү үчүн жасалган узунунан келген аарчыгыч. *Абаз арыктагы суудан шашып-бушуп жуунуп, сүлгү менен сүртүнүп, орундукка чыкчыйып отура кетти* (Таштемиров).

**СҮЛДӨР** Дененин сөөк түзүлүшү, скелет, эти качкан арык дене, кебете. *Жүрөгүм түтүн, ичим чок, Сүлдөрүм калды, дарман жок* (Тоголок Молдо). *Кишилик сүлдөрүм бар, дарман кетти* (Турусбеков).

**СҮЛДҮРӨ үлдүрө** менен бирдей.

**СҮЛК: сүлк-сүлк** Бир калыпта сеңселген, солкулдаган абалды билдирүүдө колдонулат.

**СҮЛКҮЛДӨ** 1. Термеле солк-солк этүү, ыргак менен термелиңки солкулдоо. *Коңкаргаев тору жоргону минди да, сүлкүлдөгөн боюнча жөнөп кетти* (Сыдыкбеков). 2. Солкулдаган, толуп, кулпунуп турган көрүнүштө болуу.

**СҮЛКҮЛДӨӨ сүлкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮЛКҮЛДӨТ сүлкүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮЛӨӨСҮН** Мышыктар тукумуна кирүүчү саргыч күрөң түстүү үлпүлдөгөн жүнү бар, териси баалуу жырткыч айбан жана анын териси. *Карышкыр, илбирс, сүлөөсүн Капканыңа чабылган* (Токтогул). *Керенелүү тыбыт жоолук салынган, Сүлөөсүндөн көркөм ичик жамынган* («Ала-Тоо»). *Сүлөөсүн менен илбирстен, Атып келет мергендер* (Эл ырлары). 2. *астр.* Түндүк жарым шарындагы топ жылдыз.

**СҮЛҮК** 1. Тузсуз сууларда болуучу, денеге жабышып алып кан соруучу курт. *Жумаш аптекадан барып 4 сүлүк сатып алды. 2. өт.* Бирөөнүн канын соргон, жабыркаткан, башкаларды эзген зулум. *Бир жагынан динчил залим Сүлүк болуп сорушкан* (Токомбаев).

**СҮМБӨ** Оозунан дүрмөттөлүп атылуучу куралдарда ок, дарыны салуу, ал эми тээгин басуу аркылуу атылуучу куралдарда майлоо, тазалоо үчүн колдонулуучу таякча, шомпол. *Колодон кылган чоң сүмбө, Огун чыңап турду ошол* («Семетей»).

**СҮМБӨ ЧАЙ** Майдаланып ныкталган чай. *Каракытайлар кара сүмбө чайын тартуулап алдаса...* (Абакиров).

**СҮМБӨДӨЙ** Келишкен, эттүү, толук (жылкыга карата). *Секиргени бүргөдөй, Семиргени сүмбөдөй* («Семетей»). *Ашырдын мингени сүмбөдөй болгон кара кер быштты* (Сасыкбаев). *Бугудай басып буралып, Сүмбөдөй бою суналып, Тубу асыл кайыптан, Түзүлүшү сүмбөдөй.*

**СҮМБӨЛӨ** Сүмбө менен ургулоо, уруп октоо. *Сүмбөлөп окту урайын* («Манас»).

**СҮМБӨЛӨӨ** 1. *аңч.* Оозунан октолуучу мылтыкка сүмбө менен дүрмөт шыкоо. 2. **сүмбөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮМБҮЛ** 1. Гүлдүн бир түрү. 2. Чайыр чыгуучу өсүмдүк. 3. Кара чач, сулуунун чачы. *Кашы кыйгач сүмбүл чач.*

**СҮМБҮЛӨ** 1. Жылдыздын аталышы. *Узун этек ургаачынын алды эмес белең, кайран келин! Боз кыроодогу сүмбүлө жылдыздай жоодурап кете бердиңби?* (Ш. Үмөталиев). 2. Айдын аты, август-сентябрга туура келет. – *Жеңе үшүп калба, сүмбүлө быйыл эрте туубадыбы, күн жакшы эле салкындап баратат. Эшим камзолун чечип үстүнө жаба берди* (Касымбеков).

**СҮМӨЛӨК** Нооруз майрамында даярдалуучу өндүрүлгөн буудайдан ж.б. азыктар кошулган тамак түрү.

**СҮННӨТ** 1. Эркек баланы отургузуу, колун адалдоо ырым-жырымы. 2. Мусулмандар сөзсүз аткарууга тийиш болгон милдет, милдеттүүлүк. *Сөз сурамак ызаат, ат сурамак сүннөт деп, илгеркилер айтуучу эле* (Жантөшев). 3. Мукамбет мустапанын иштеген иштери, калтырган осуяты. *Байгамбардын сүннөтү* («Манас» С.О.).

**СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУУ** Колун адалдатуу, сүннөт ырым-жырымын жасоо.

**СҮННӨТТӨ** Сүннөт ырым-жырымын жасоо, баланы отургузуу.

**СҮҢГҮ I** 1. Найза. 2. Найзанын жөнөкөй, алгачкы түрү – учуна болоттон жасалган учту кыйгак орнотулбаган найза, же учталган узун катуу жыгач. 3. Жер казуу, бир нерсени чукуу үчүн пайдаланылуучу учталган катуу жыгач, же учуна учтуу темир бекитилген таякча. *Үч жүз кулач сүңгүсү* («Манас» С.О.).

**СҮҢГҮ II** Сууга кирип кетүү, чумкуп кирүү, аралап сүзүп жүрүү; бир нерсенин арасына кирип кетүү, аралай кирүү. *Ар бир минут алдастатып көңүлдү, Сүңгүп деңиз тереңине киремин* (Токомбаев). *Найза сүңгүп кирди.*

**СҮҢГҮТ сүңгү** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮҢГҮҮ сүңгү** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮР I** Айбат, айбаттуулук таасири, башкаларга чочулоо сезимин туудуруучу сес. *Душманың жазганабы, сүр болбосо* (Барпы). *Балдар айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты* (Сыдыкбеков). *Арыстандай айбатың, сүрүң кана? Сүлөөсүндөй сүзүлгөн түрүң кана?* (Мамазаирова).

**СҮР II** Туздап кургатылган (сүрсүтүлгөн) эт. *Баканды жакшы көргөзгөн Башында майлуу сүр болот* (Осмонкул). *Коңшубуздун сүр этин Казанына салдырган* (Осмонов).

**СҮР III** Бир нерсенин бетин жукалап кыруу, тегиздөө, жонуу, жылмалоо. *Мелмилдеген талаа сыдыргы менен сүргөндөй түз, сүргү менен сүргөндөй тегиз, алда нече салаа* («Советтик Кыргызстан»). 2. Жышуу, сыды-

рып аарчуу, сүртүү. *Абылкасым атынын жонун чөп менен сүрө кетти* (Байтемиров). 3. Кубалоо, кууп чыгуу; куугантуктоо. *Айыгышкан душмандарды Айбат менен сүрөлүк* (Токомбаев). 4. Таратуу, таркатуу. *Атыр жыттуу жел жүрүп, жөө туманды туш-туш тарапка сүрө баштады* (Жантөшев). 5. Жылдыруу, бир жакты көздөй багыт алдыруу. *Суу сүрүп жүрдүк. Жылкыларды берки бетке сүрүп келе кой.*

**СҮРГҮ** *диал.* 1. Сап жагы жумуру ичке, кыска келген, калган бөлүгү калак сымал жука болгон бозо аралаштыргыч. *Бозонун шагын кайнатканда сүргү колдонушат.* 2. Тери ашатканда колдонула турган жыгач буюм. 3.Тактайдын, ар кандай жыгачтардын *ж.б.* үстүн тегиздеп, жылма кылып сүрүү үчүн ылайыкталып жасалган курч миздүү темири бар аспап, курал. *Жыгаччы сүргү сүргүлөп, тактай жылмалайт* (Сыдыкбеков).

**СҮРГҮЛӨ** Сүргү менен сүрүү.

**СҮРГҮЛӨӨ** **сүргүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРГҮЛӨТ** **сүргүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРГҮН** *тар.* 1. Башка бир жакка (көбүнчө алыскы жерлерге) айдап жиберүү жолу менен берилген жаза жана ошол жазаны өтөө мезгили. *Село сүргүндө жүргөндөрдүн лагери болуп эсептеле турган* (Жантөшев). 2. Куугун, куугунтук. *Эзелден бизди баскан караңгылык, Кеткен жок сүргүн жебей элден чыгып* (Токомбаев).

**СҮРДӨ** Сүрүнөн жалтануу, жазгануу, апкаарый түшүү, кысылуу. *Тоту чыны менен Бердиден сүрдөп, дароо жооп берүүгө тили күрмөлбөдү* (Жантөшев). *Көпчүлүктүн алдында сүрдөп кетем* (Сыдыкбеков).

**СҮРДӨН** **сүрдө** этишинин өздүк мамилеси.

**СҮРДӨӨ** **сүрдө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРДӨӨЛ** *диал.* Жылкылардын бир нече жүздөн топ болуп экинчи бир жерге айдалышы. *Жылкынын сүрдөөлүнө түшүп көлгө жөнөгөн.*

**СҮРДӨӨН** Көпчүлүктүн шары, агымы. *Элдин сүрдөөнү. Көчтүн сүрдөөнүнөн калбай илгерилей бергиле* («Ала-Тоо»).

**СҮРДӨТ** **сүрдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРДҮГҮҮ** **сүрдүк** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРДҮК** Сүрүлө мүдүрүлүп кетүү, бараткан күүсүндө бутун сүйрөй жыгылуу, сүрүлө жыгылуу. *Эр билеги эшилет, Тулпар ташка сүрдүгөт* (Осмонов).

**СҮРДҮР** **сүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРДҮҮ** Сүрү бар, сүрү катуу, айбаттуу. *Жоого сүрдүү азамат. Ал атасына сүрдүү тигиле карады* (Абдумомунов).

**СҮРМӨ ТОП** Өтө көп, баш аламан, опуртопур. *Мал көбөйгөн сайын сүрмө топ болуп жайыттын кунары кача баштады.*

**СҮРНӨТ** Ызаат, милдет. *Нарк сурамак келбеттен, Так сурамак сүрнөттөн* («Эл адабияты»).

**СҮРӨ** 1. Коштоо, ат жарышта атты коштоого алуу же дем берип, кыйкырыкчуу салуу, сүрөөнгө алуу. *Күчүң кетип баратса, Күрөнүңдү сүрөйүн* («Курманбек»). 2. Кубаттоо, кубаттап коштоп кетүү, кайрат берүү, сүрөөн салуу. *Куру бекер балдарды сүрөбөй, өз колуңа кетмен ал* (Сыдыкбеков). *– Черте түш, аке! – дешип комузчуну сүрөп коюшат* (Сыдыкбеков). 3. Алга чыгаруу, алга үндөө, дем берүү, илгерилетүү. *Айланайын калың журт, Алдыңа салып сүрөгүн* (Токтогул).

**СҮРӨМӨЛ** Сүрөөн, сүрөөнчү. *Аннанын көрсөткөн мамилеси бул карыптардын көңүлүнө сүрөмөл болду* (Байтемиров).

**СҮРӨМӨЛӨ** Сүрөмөлгө алуу, сүрөөгө алуу, түрткү берүү, кубаттоо, коштоо. *Жалчы табын сүрөмөлөп жорголоп, Калсын сыя ак кагазда шорголоп* (Бөкөнбаев).

**СҮРӨМӨЛӨӨ** **сүрөмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРӨӨ I** Курандын бөлүмдөрүнүн ар биринин аталышы. *Акыра басым сүрөөнү, Дарасы айтып сүйлөдү* («Манас» С.О.). *Ыкылыстын сүрөөсүн, Ырас айтып баштады* («Манас» С.О.).

**СҮРӨӨ II** 1. Ат чабышта, жарышта атты сүрөшкө уруксат кылынган жер, чек. 2. Сүрөөн. *Ушул тажрыйбалуу адистер жаштарды сүрөөгө алышты* («Ала-Too»).

**СҮРӨӨ III** **сүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРӨӨН** 1. Ат чабышта ж.б. учурларда коштоп сүрөгөн, дем берген кыйкырык-чуу. *Бүркүт менен ителги кыйкырык-сүрөөндө жаалына келет* (Каимов). *Ат чабышта сүрөөн салуу.* 2. Душманын сездендирүү, үрөйүн учуруу максатында чабышка, урушка киргендеги кыйкырык-чуу, айбат. *Баатыр Сыргак, эр Алмаң, Бакырып салып чоң сүрөөн* («Манас»). 3. *өт.* Чакырык, алга чакырган ураан, алга тарткан, дем берген жардам. *Доктурбекти жолдоштору сүрөөнгө алып, чоң жардам беришти.*

**СҮРӨӨНЧҮ** 1. Атты марага чейин сүрөп жеткирүүчү киши. *Сүрөөнчү түшүп, эл дүрбүп, Ат келет деп жатканда* («Эл акындары»). 2. Кыйкырык-сүрөөн салган, кыйкырып кубаттап турган киши.

**СҮРӨӨЧҮ** **сүрөөнчү** менен бирдей.

**СҮРӨТ I** 1. Бир нерсенин элеси чагылышы, көрүнүшү, кебетеси. *Көз алдыма жаңы сүрөт тартылды* (Сыдыкбеков). *Көз алдыман шумдуктуу Кыз сүрөтү кетпеди* («Мендирман»). 2. Кагазга же башка нерсеге түшүрүлгөн бир нерсенин элеси, кебетеси, көрүнүшү, сөлөкөтү, фотокарточка, иллюстрация. *Сүрөткө түшүү. Олтурам*

*ойлуу тиктеп, о апаке! Качанкы эскирген бир сүрөтүңдү* (Байгазиев). *Сүрөт тартуу. Китептин сүрөттөрү. Сүрөт искусствосунун көргөзмөсү.* 3. *өт.* Шапыйып өңүнөн азган кебете, абдан арыктаган кебете, өң. *Арыктап өңүнөн азып, сүрөт эле болуп калыптыр* (Абдукаримов). 4. *сүйл.* Абдан сулуу, карап эле турарлык, кооз. *Улак өтө эле сулуу, Тим эле сүрөт* (Шүкүрбеков). 5. Драмалык чыгармаларда жаңы декорацияны талап кылуучу көрүнүшү, көшөгөнүн бир бөлүгү. 6. Жүгөрүнүн сотосунун жаңыдан дан байлай баштаган, бирок сүт толо элек кези.

**СҮРӨТ II сүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРӨТКЕР** 1. Искусствонун бир тармагында чыгармачылык кызмат кылуучу адам. 3. Боёк менен сүрөт тартуучу.

**СҮРӨТТӨ** Бир нерсе, окуя же көрүнүш жөнүндө элестүү түрдө баяндоо, элесин берүү, элестетип айтып берүү, көз алдыга келтире айтуу. *Шахтёрлордун өмүрүн сүрөттөп жазууга не жетсин* (Сасыкбаев). *Көгүлтүр Днепр жээгин сүрөттөп, Мыскалды кызыктырышкан* (Сыдыкбеков). *Зарыл энесин атайын чочутмак үчүн коркунучтуу окуяны сүрөттөй берет* (Сыдыкбеков).

**СҮРӨТТӨЙ** Сүрөт сыяктуу, сулуу, келишимдүү, жарашыктуу, кооз. *Талаасына көз чаптырсаң, Тартып койгон сүрөттөй* (Маликов). *Сүрөттөй сүйкүм сүзүлгөн жеңе, Көркүңө көзүм түшүргөн жеңе* (Осмонов).

**СҮРӨТТӨЛ сүрөттө** этишинин туюк мамилеси.

**СҮРӨТТӨМӨ** Кубулуштун, ал-абалдын, нерсенин ж.б. сүрөттөлүп жазылган, айтылган баяндамасы.

**СҮРӨТТӨӨ** 1. *адаб.* Кандайдыр бир окуяны, көрүнүштү, адамдын кебете-кешпирин, жаратылышты ж.б. нерселерди сырткы белгилери боюнча сүрөттөп айтып берүү. 2. **сүрөттө** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРӨТТӨТ сүрөттө** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРӨТТҮҮ** 1. Сүрөтү бар, сүрөттөр тартылган, сүрөтү көп. 2. Драмалык чыгармаларда жаңы декорацияны талап кылуучу көрүнүштөрү бар. *Колхоз курулушу жаңы башталгандагы окуядан алынып жазылган* 2 *көшөгөлүү* 4 *сүрөттүү драма* (Бөкөнбаев).

**СҮРӨТЧҮ** Сүрөт тартууга шыгы бар, сүрөт тарта билген киши, художник, фотограф. *Кыргызстандын жаш сүрөтчүлөрү жараткан жаңы чыгармалар. Жанаша басып бара жаткан чакта, Кезигип жаш сүрөтчү жазбай тартса* (Үмөталиев).

**СҮРСҮ** 1. Туздалып, көпкө сактоого ылайыкталып кургоо (сүр эт жөнүндө). *Сүзмө ичирип, сүрсүгөн жал жедирип, Сүйүнтөлү сүттүү үйкүлүү баланы* (Осмонов). *2. өт.* Эскирүү, көпкө жатып калуу. *Сүрсүгөн эски талкан.*

**СҮРСҮТ сүрсү** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРСҮҮ сүрсү** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРТ** 1. Аарчуу, сүрө аарчуу, сүрүү, жануу. *Абакең далай сүрткөн маңдай терин* (Маликов). *Таштын кичинекей кезегин алып, койчу алаканына сүртсө, көө жукту* (Сасыкбаев). 2. Үстүнө жукалап сыйпоо, сүйкөө. *Нанга майды, балды сүртүп туруп, алды менен Айганышка сунду* (Байтемиров). *Осмо коюп кашына, Майдан сүртүп чачына* («Мендирман»).

**СҮРТМӨ** Кандайдыр бир нерсеге сүртүлө турган, сыйпала турган нерсе.

**СҮРТТҮР сүрт** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРТҮЛ сүрт** этишинин туюк мамилеси.

**СҮРТҮН сүрт** этишинин өздүк мамилеси.

**СҮРТҮҮ сүрт** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРҮЛ сүр** этишинин туюк мамилеси.

**СҮРҮН** 1. Сүрдүгүп кетүү, сүрүлө мүдүрүлүү. *Ат сүрүнүп ала сала бергенде, Эсти жыйгам, баратамын алсырап* (Токомбаев). *Даша боордон мүдүрүлө, сүрүнө үйүн көздөй чуркады* (Сасыкбаев). 2. Өйдө-төмөн сүрүлүү. *Тең келе албай көктө сүзгөн ак булут, Уялгандай тоодон тоого сүрүнөт* (Токомбаев).

**СҮРҮНДҮ** 1. Жыгачтын сүргү менен сүргөндө келип чыккан ичке, жука тилкеси. 2. Куугунтук, куугунтукка, сүргүнгө учурагандык. *Бозоргон шордуу байкуш баш, Эми сен болгонуңбу сүрүндү* («Олжобай менен Кишимжан»).

**СҮРҮҮ сүр** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮРҮШТҮР** Сураштыруу, тапкычтоо, ар кимден сурамжылоо. *Ийнесинен жибине чейин сүрүштүрүп бүткөндөн кийин, Алымды ээрчитип үйүнө кирди* (Жантөшев). *Тапкычтап бир жарым ай сүрүштүрүп, Түйүнүн ушакчынын араң чечтик* (Токомбаев).

**СҮРҮШТҮРТ сүрүштүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**СҮРҮШТҮРҮҮ сүрүштүр** этишинин кыймыл атоочу.

**СҮТ I** 1. Балдарын тамактандыруу үчүн аялдардын жана сүт эмүүчү айбандардын ургаачыларынын эмчегинен чыгуучу ак түстөгү азык. *Козусунда сүткө тойбогон, токтусунда тұрткөнүн койбойт* (макал). *Бээнин сүтү. Уйдун сүтү. Эне сүтү. 2.* Кай бир өсүмдүктөрдөн же анын мөмөсүнөн чыгуучу ак түстөгү суюктук, суюк маңызы. *Гозолордун ак гүлдөрү ачылып, Апийимдин сүтү таамп чачылып* (Осмонкул).

**СҮТ II** Алган карызды төлөгөндө ээсине (сүткорго) үстүнө кошуп берилүүчү пайда, карыздар аркылуу туудурулган пайыз. *Сүткө берүү. Сүтү мынча болот деп карыз берүү – сүткорлукка жатат.*

**СҮТ АКЫ** Келиндин энесине кудалар тарабынан берилүүчү мал-мүлк же акча. *Энесинин сүт акысы деп, кудалар бир үй беришиптир* («Чалкан»).

**СҮТ БОТО** Сүт эмген, энесинен бөлүнө элек бото.

**СҮТ КАМЫР** Эгиндин жаңыдан дан байлап, даны абдан ката элек кези. *Жүгөрүнүн сотолору сүт камыр болуп жетилген.*

**СҮТ УЙКУ** Көшүлүп, мемиреп бараткан өтө таттуу, тынч уйку. *Жаш балдар сүт уйкуда мемирөөдө. Түн жармында сүт уйкудан ойготуп* (Осмонов). *Жетекчилер али сүт уйкуда.*

**СҮТАК** 1. Үзгөндө, сындырганда же сыкканда сабагынан ак суюктук чыга турган өсүмдүк. 2. Түнкүсүн «сүт ак, сүт ак» деп сайрай турган канаттуу. *Унутуп тааныш обонду, түн ичи сүтак сайраган* (Закирова).

**СҮТКОР** Пайда, пайыз туудуруу шарты менен карызга мал, акча ж.б. бере турган киши.

**СҮТКОРЛУК** Пайда табуу максатын көздөгөндүк, пайда көргөндүк.

**СҮТКӨ ТИЙГЕН КҮЧҮКТӨЙ** Күнөөлүүдөй, кылмыштуудай четтеп, коомайлап, элге кошула албай турган кишиге карата айтылат. *Бактыбек сүткө тийген күчүктөй болуп үнчүкпайт* («Ала-Тоо»). *Саадат төрагалыкты бергенден кийин, ал сүткө тийген күчүктөй четтеп, Сапарбай менен Жакыптар ынтымакта* (Сыдыкбеков).

**СҮТКӨ ТОЙГОН КҮЧҮКТӨЙ** Мантайган, борсойгон, сүймөнчүктүү. *Кызым жоош, курсагы тойсо болду, сүткө тойгон күчүктөй болуп ойной берет* («Ала-Тоо»).

**СҮТТӨ** Сүт кошуу (мис. чайга). *Сүттөгөн чай.*

**СҮТТӨЙ** Сүт сыяктуу ак, аппак, таза, күнөөсүз. *Ай сүттөй жарык. Сүттөй таза болуп чыга келдиңби?* («Ала-Тоо»). *Көңүлү сүттөй ак.*

**СҮТТӨН АК** Таза, эч күнөөсүз. *Өзүң эле сүттөн ак киши болуп кала бермексиңби?* («Ала-Тоо»). *Кутулганда да башкарманын жогоркудай чечими боюнча карыздан таптакыр сүттөн ак тазаланды* («Чалкан»). **В.: Сүттөй ак.** *Мезгилсиз кеткен уулумдун ниети сүттөй ак эле, сага жамандык ойлоочу эмес эле* (Абдукаримов).

**СҮТТҮҮ** Көп сүт бере турган, сүтү көп. *Сүттүү уй. Сүттүү бээ.*

**СҮТТҮҮЛҮК** Сүтү көп, мол болгондук.

**СҮТҮН АК КЫЛУУ** Энеликтен кечүү. *Энеси күйөө бала менен кайра жарашпасаң сүтүмдү ак кылам деп шарт коёт.*

**СҮТҮН КЕЧҮҮ** *к.* **ак сүтүн кечүү.**

**СҮФ** Дем салганда айтылуучу сөз. *Кыштакка жаңы мектеп салган убак, «Сүф» дечүлөр калган убак* (Барпы).

**СФЕРА** 1. Шар же анын ички бети (жер шары, асман мейкиндиги жөнүндө). *Жердин сферасы. 2.* Чөйрө, айлана, кандайдыр бир аракеттин же таасирдин таралуу чөйрөү.

**СФИГМОГРАММА** Тамырдын сокконун кагазга түшүргөн чийин.

**СФИГМОГРАФ** Тамырдын сокконун кагазга чийиш үчүн багышталган жабдык.

**СФИНКС** 1. Байыркы Египетте киши баштуу, арстандын жаткан сөлөкөтүнүн айкели. 2. *миф.* Таманы арстандын, денеси иттин, башы жана көкүрөгү аялдын түспөлүндөй болгон канаты бар жомоктогу жаныбар. 3. *өт.* Сырдуу жандык, табышмактуу, түшүнүксүз адам. 4. *зоол.* Көпөлөктүн бир түрү.

**СХЕМА** 1. Кандайдыр бир системаны, түзүлүштү, бир нерсенин ички байланыштарын жөнөкөйлөштүрүп көрсөткөн чийме, план. 2. Билдириле турган нерсенин жалпы түзүлүш мазмуну, түзүлүшү.

**СХЕМАЛА** Схемага салуу, схемага келтирүү, схема түрүндө түзүү.

**СХЕМАЛАН схемала** этишинин өздүк мамилеси.

**СХЕМАЛАТ схемала** этишинин аркылуу мамилеси.

**СХЕМАЛОО схемала** этишинин кыймыл атоочу.

**СХЕМАЛУУ** Схемасы бар; схема түрүндө.

**СХЕМАЛЫК** Схема түрүндө берилген; жалпы жонунан берилген.

**СХЕМАТИЗМ** Ой-пикирди, теорияны оозеки же жазуу жүзүндө баяндоодо, графикада же башка бир нерсени сүрөттөөдөгү жөнөкөйлөштүрүү болуп, ал реалдуу жашап турган предмет же көрүнүш жөнүндөгү эң жалпы жана болжолдуу түшүнүк берет.

**СХОЛАСТИКА** 1. Чиркөө эрежелерин курулай эле формалдык логикалык, аргументтердин, ой жорууллардын негизинде жактоо, актоо максатын көздөгөн орто кылымдардагы идеалисттик философиянын багыты. 2. Турмуштан жана практикадан таптакыр ажыраган, курулай баш катыруучулук.

**СХОЛАСТИКАЛЫК схоластикага** таандык.

**СЦЕНА сахна** менен бирдей.

**СЦЕНАРИЙ** 1. Кыймылды толук түрдө баяндаган жана ошонун негизинде кинофильм түзүлүүчү адабий чыгарма. 2. *театр.* Сахнага чыгуучу адамдардын сахнага чыгуу тартиби, убактысы кошо көрсөтүлгөн тизмеси.

**СЦЕНАРИСТ** Сценарийлердин автору.

**СЫБЫЗГЫ** 1. Жыгачтан же камыштын өзөгүнөн ичи көңдөйлөтүлүп жасалган үйлөмө музыкалык аспап. *Сыбызгы чоор ызылдап, Жез най үнү тызылдап* («Манас»). *Сыбызгы, тасма, жезнайы, Кулак тунат сурнайы* («Манас» С.О.). 2. *өт.* Сызылып, сызгырылып чыккан үн. *Сыбызгы жумшак жели бар, Жайкалган жатык бели бар* (Тоголок Молдо). *Эфирде белгилүү ырчы кыздын сыбызгыдай кооз үнү таңшыйт* (Стамов).

**СЫБЫЗГЫТ** Сыбызгынын үнүн окшотуп,

сызылта үн, дабыш чыгаруу. *Орузбек сыбызгыта ышкырып, колун алыска шилтеди* (Сыдыкбеков).

**СЫБЫЗГЫТУУ сыбызгыт** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫГА** *аңч.* Көпкөн жезди сыгуучу шакекче.

**СЫГЫЛ** 1. **сык** этишинин туюк мамилеси. 2. Кысылуу, кысталуу. *Автобуска сыгылып атып араң түштүк* («Чалкан»).

**СЫГЫЛЫШ** Кандайдыр бир нерсенин ичиндеги кысылган, сыгылган абал. *Шаар ичиндеги каттамдардагы автобустарда адамдар сыгылышып жык-жыйма* («Ала-Тоо»).

**СЫГЫНДЫ** Кандайдыр бир нерселерди сыгып алгандан кийинки калган калдык.

**СЫГЫП АЛМА** Абдан суу, шөмтүрөгөн. *Ак жаан сөөгүнөн өтүп, кийим сыгып алма болду* (Байтемиров).

**СЫДЫК** Чынчыл.

**СЫДЫР** Бир нерсени сыйда тартып түшүрүү, сыйда тартып, кыса тартып алып түшүү, ажыратуу, бир нерсенин үстүнөн кыдырата сүрүп өтүү, тегиздөө. *Мезгилсиз түштү жалбырак, Сыдырып бирөө чачкандай* («Мендирман»). *Төөлөр кетти бетинче Талдын башын сыдырып* (Токомбаев). *Козунун ичегисин сыдырып жаткан Бурма менен дагы бир келин акырын күлүштү* (Токомбаев). *Чакадагы жүгөрүнү үбөлүк менен сыдырып, үстүн тегиздеп таразага тарта баштады.*

**СЫДЫРГА** Жапырт чабуул. *Сыдырга жүрсө сүрлөнүп, Саясаттуу кол башка* (Санат).

**СЫДЫРГЫ** Көктү, кайышты тегиз кылып тилүү үчүн ылайыкталып жасалган, бир жагында оюкчасы бар тилке жыгач, чакага, капка салган эгинди сыдырып тегиздей турган түз жыгач, үбөлүк. *Мелмилдеген талаа сыдыргы менен сыдыргандай түз* (Убукеев).

**СЫДЫРГЫГА САЛГАНДАЙ** Теп-тегиз, текши, бир калыпта деген маанилерде колдонулат. *Үсту сыдыргыга салгандай, ааламдын алпы отуруп, аска үстүн өгөп салгандай, дүнүйөнүн бийик чокусун таарытып бирөө алгандай* (Медетов).

**СЫДЫРМА** Металлдан же пластмассадан жасалган, сыдырып ачып-жабуучу тарткычы бар бүчүлүк.

**СЫДЫРМАК** 1. Суук жел. 2. **сыдыргы** менен бирдей.

**СЫДЫРТ сыдыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫДЫРУУ сыдыр** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫДЫРЫЛ сыдыр** этишинин туюк мамилеси.

**СЫДЫРЫМ** Эртели-кеч болуучу салкын жел. *Аңкыган таза сыдырым жалбырактарды дирилдетет* (Сыдыкбеков). *Жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман да тынчыды* (Айтматов).

**СЫЗ I** Ным, нымдуулук, нымдуу, муздак жер. *Сыз жерге отурбагылачы, балдар* («Ала-Тоо»). *Жаткан жерим сыз болду, Жайда мага кыш болду* (Токтогул).

**СЫЗ II** 1. Кагаз бетине же башка нерсенин бетине чийме түшүрүү, чийүү, сызык жүргүзүү. *Доскага бир нече сызык сызып, жаңы сабакты баштоого киришти* («Ала-Тоо»). *Сызып койгон чийиндерден чыкпасам, Эскерткичти ойлоп жатып уктасам* (Байгазиев). 2. Жазылган нерсени чийип өчүрүү, үстүнөн сызып жокко чыгаруу. *Анын аты-жөнүн тизмеден сызып салуунун кажети жок* («Эркин Тоо»). 3. Боо же сызма жасоо. *Сызма сызып жатышат. Боо сызып берейин.*

**СЫЗ III** 1. Канат сермебей каалгып учуу, канат сермебей зымырап түз учуу, тез учуу. *Узак жолго чыккан кузгундар куркулдап сызып баратат* (Байтемиров). *Самолёт шаарды айланды да,батышты көздөй сызды* (Баялинов) 2. Зымырап жөнөө, зымырап өтүү, зыпылдап тез жүрүү, жылт коюу. *Боом,* Кочкор *капчыгайдан поезд менен сызармын* (Бөкөнбаев). *Көрсөң, балдардын базарлыгынан ооз тийбей сызгысы бар* (Бейшеналиев).

**СЫЗ IV** Жылжып чыгуу, сарыгып агуу. *Семетейдин башынан Сызып-сызып кан кетти* («Семетей»).

**СЫЗГА ОТУРУП КАЛУУ** Алданып калуу, кол жууп калуу, караманча куру калуу. *Аны жеп алсак, биротоло колсуз-бутсуз болуп, таптакыр сызга отуруп калбайбызбы* (Абдукаримов). **В.: Сызга отуруу.** *Ошентип, колдо барын ичип-жеп ушул азыр сызга отурган кези* («Агым»).

**СЫЗГЫР** Сары май же эриген май алуу максатында каймакты же малдын чийки майын кайнатуу, кууруу. *Каймак сызгыр. Малдын ич майын сызгыр.*

**СЫЗГЫРТ сызгыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЗГЫРУУ сызгыр** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЗГЫРЫЛ сызгыр** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЗГЫЧ** Түз сызык жүргүзүү үчүн ылайыкталган курал. *Сызгыч менен түз сызыктарды сызып жатты.*

**СЫЗДА** 1. Зыркырап ооруу. *Ошол сыздап ооруган ок тийген бут меники сыяктуу көзүм караңгылап жатты* (Айтматов). *Эне өйдө болоюн дегенде бели сыздап кетти* (Байтемиров). 2. Катуу кейиште болуу, кайгылануу, ичтен сызуу. *Сызып кеткен алты жан, Сыздаган менен табылбайт* (Токомбаев). *Айтайын десе тили жок, Ичинен сыздап күйгөндүр* («Манас»). *Мен катуу бир күйүп сыздадым, Кайрылып жообун алууга* (Казыбек).

**СЫЗДАТ сызда** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЗДОО сызда** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЗДООК** Өзөктөнүп, томпоюп чыккан шишиктүү жара.

**СЫЗДУУ** Нымдуу, сызы бар. *Турганбыз көздөн кан агып, Түрмөнүн сыздуу төрүндө* (Токтогул).

**СЫЗДЫР сыз II** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЗМА** 1. Шоона сыяктуу эшилген жиптен же башка жиптерден жалпак жана узун тилке кылып токулуп же тизилип жасалган тасма. *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). Сызмага таккан чүлүк үзөңгү (Токомбаев). *Сызма боо.* 2. Өрмөктө түрдүү өңдө боёлгон тал жиптерди күзүктөп, көркөм көчөт түшүрбөй эле бир гана аркак салуу менен согуу.

**СЫЗУУ сыз** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЗЫК I** Сызып түшүрүлгөн чийин.

**СЫЗЫК II** Малдын чийки майын сызгырып алгандан кийинки калган калдыгы. *Күйүк даам экен деп, Ал карабай калат сызыкты* (Шүкүрбеков).

**СЫЗЫКТУУ I** Сызылган сызыгы бар, сызык түшүрүлгөн. *Сызыктуу дептер.*

**СЫЗЫКТУУ II** Сызгырып алгандан кийинки сызыгы бар, сызыгы көп, сызык аралашкан. *Чарада сызыктуу май турат* («Ала-Тоо»).

**СЫЗЫКЧА** 1. Кичинекей сызык. 2. Жазууда колдонулуучу дефистен саал узунураак келген тыныш белгиси, тире.

**СЫЗЫЛ сыз** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЗЫШ сыз II** этишинин кош мамилеси.

**СЫЙ I** Сыйлоо иретинде көрсөтүлгөн урмат, мамиле, кадырлагандык. *Сиздин жашыңызга жетсек, жаштардан сый көрөбүз* (Сыдыкбеков). *Эчтеме жок ата менен энеден кымбат, Аларга дайым сый менен урмат* (Борбугулов). 2. Белек, сыйлык. *Баалуу сыйдан тышкары, Кошумча эмгек кошо алат* (Осмонкул). 3. Анча аралаша элек, өз кишидей болуп сиңишип кете элек. *Сый киши, Сый тууган. – Мейман адам күнөөсүз,– деп, аял сый гана имерчиктей калды* (Убукеев). *«Мыскал карындаш» дешип, ал кызга сый таанышгай мамиле кылышат* (Сыдыкбеков).

**СЫЙ II** Бир нерсенин ичине батуу, батууга ылайык келүү. *Кампага сыйбас мол эгин.*

**СЫЙ КИЙИМ** Жумушка жана күндөлүк кийип жүрүүчү кийим эмес, конокко барганда, майрамда ж.б. учурларда кийүүчү кийим.

**СЫЙ-СЫПАТ** Сый, сыйлагандык, кадырлагандык. *Сый-сыпатын көрсөтүп, Экиден табак тарттырып* («Мендирман»).

**СЫЙ ТАМАК** Мейман келгенде, майрам күндөрдө ж.б. учурларда күндөлүк ичилип жүргөн тамактардан өзгөчө, түзүктөлүп жасалган тамак.

**СЫЙ ЧАБУУ** Түз чаппай, жаный чабуу, сыйра, шылый чабуу. *Байбиче канатын сый чаптырган тооктой болуп козголо албай олтурат* (Сыдыкбеков). *Мээлеген жерге тийбестен, Бир жаккы колун сый койду* («Манас»).

**СЫЙАБАН** *диал.* Меймандарды кабыл ала турган сый бөлмө.

**СЫЙГАЛАК** Тайгалак, тайгак, тайгаланып кете турган. *Эшиктин алдына төгүлгөн суу тоңуп, сыйгалак болуп калыптыр* («Ала-Тоо»).

**СЫЙГАЛАКТА сыйгалан** менен бирдей. *Сыйгалактап жолсуз жерден келе жатканын кара!* (Сасыкбаев).

**СЫЙГАЛАКТАТ сыйгалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙГАЛАКТОО сыйгалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙГАЛАН** Тайгалануу, тайып кетүү, тайгаланып жылбышып кетүү. *Жылдызкан бир оокумда коонун кырынан таманы сыйгаланып учуп түштү* (Байтемиров). *Бугимов балчыктуу каптал жолдон сыйгаланып кээде жер таяна калып келе жатты* (Сасыкбаев).

**СЫЙГАЛАНТ сыйгалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙГАЛАНУУ сыйгалан** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙГЫЗ сыйдыр** менен бирдей.

**СЫЙДА** Тегиз, текши, жылма. *Жыгаччы болгон адамга, Сыйда сулуу тал жакшы* («Мендирман»). *Аргымак сөөк жылкыга, Жибектей сыйда жал кызык* (Осмонкул).

**СЫЙДАЛА** Тегиздөө, жылмалоо, сыйда кылуу.

**СЫЙДАН суйдаң** менен бирдей.

**СЫЙДАҢ** Бирин-серин. *Сакалы сыйдаң бириндеп, көсөөлүгү бар экен* (фольк.).

**СЫЙДЫР сый** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙКОР** Сыйчыл, меймандос, сыйлай билген киши.

**СЫЙКЫ БУЗУЛУУ** Өзгөрүлө түшүү. *Отургандардын сыры ачылып, сыйкы бузулгандай боло түштү* (Жантөшев).

**СЫЙКЫР** Кубулдуруп, башка бир нерсеге айландырып жиберүүчү же өз билгенин иштетип алуучу адаттан тышкары күч, таасир. *Канча сыйкыр оюнда* («Манас» С.О.). *Жаныңа келген адамды, Сыйкыр окуп уктатып, Бузган кемпир сенсиңби* («Эр Төштүк»). *Ажыдаар, жолборс канча аң, Сыйкыр менен мен Алмаң, Жол кайтарып салдырдым* («Манас»).

**СЫЙКЫРДА** Кандайдыр бир адаттан тышкары купуя күч, таасир аркылуу кубултуп, башка бир нерсеге айландырып жиберүү.

*Дуба байлап сыйкырдап, Балдарыма жетти деп* («Эр Төштүк»).

**СЫЙКЫРДУУ** Сыйкырдай турган күчү бар, сыйкыры бар. *Жети баштуу кемпирдин колунда сыйкырдуу таягы бар* («Жомоктор»). 2. *өт.* Жашырын сырдуу, табышмактуу, кереметтүү.

**СЫЙКЫРЛА сыйкырда** менен бирдей.

**СЫЙКЫРЧЫ** Сыйкыры бар киши, сыйкырлай билген киши. *Désininde жети башы бар, Эң сыйкырчы акылман Кемпиримден айрылдым* («Эр Төштүк»).

**СЫЙКЫРЧЫЛЫК** Сыйкыр иштерин жүргүзүп, кесип, өнөр кылгандык.

**СЫЙЛА** 1. Сый көрсөтүү, урматтоо, кадырлоо, сый көрсөтүп тамак-аш берүү. *Бирин-бири кадырлап, Сыйлаган элди карачы* (Токтогул). *Бечараны сыйладым, Ушул менин кесибим* (Калмырза). *Ишиң жакшы болду эле, мүнөзүң оңолду эле, ким болбосун сени сыйлап калды* (Байтемиров). *Кожо келсе кой союп, Сыйлагандан болбогун* (Токтогул). 2. Сыйлык, белек берүү. *Эмгегиңе баа берип, Өкмөт сизди сыйлады* (Тоголок Молдо).

**СЫЙЛАН сыйла** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЙЛАТ сыйла** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙЛАШ сыйла** этишинин кош мамилеси.

**СЫЙЛОО сыйла** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙЛУУ** Кадырлуу, урматтуу, барктай, сыйлай турган. *Айылдан сыйлуу кары кишилерди тосуп алууга даярдык көрүлдү. Сыйлуу конок.*

**СЫЙЛЫГЫШ сыйлык** этишинин кош мамилеси.

**СЫЙЛЫК I** Кадырлоо, урматтоо эмгегине, талантына баа берүү максатында акчалай, буюмдай же орден, медаль ж.б. түрүндө берилүүчү сый, белек, *Эмгекчилерге берилген акчалай сыйлык. Мамлекеттик сыйлык.*

**СЫЙЛЫК II** Кысылып жылуу, жылышуу, жылып батышып отуруу, батышып орун алуу, батуу.

**СЫЙЛЫКТЫР сыйлык** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙМЫК** 1. Кадыр-барк сезими. 2. Кандайдыр бир нерседен канааттанган сезим. 3. Кадырлуу, барктуу нерсе. *«Манас» эпосу – кыргыз элинин сыймыгы. Улутума бир келген сыймык элең, Тирүүлүктө берилген сыйлык элең* (Мамазаирова).

**СЫЙМЫКТА** Сыймык көрсөтүү, урматтоо, кадырлоо.

**СЫЙМЫКТАЛ сыймыкта** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЙМЫКТАН** Сыймыкка, урматтоого жетишүү, кадырлоо, урматтоого татыктуу болуу, сыймыктуу ишке кубануу, көңүлү көтөрүлүү, жетине албай калуу. *Кыргыз эли Чолпонбайдай уулу Менен сыймыктанып мактанат* (Жантөшев). *Ата келип өз ордуна сыймыктана отурду* (Убукеев). *ГЭС менен сыймыктангын дешет мага, Ооба, ооба ГЭС жагынан мен маарыдым* (Байгазиев).

**СЫЙМЫКТАНТ сыймыктан** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙМЫКТАНУУ сыймыктан** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙМЫКТОО сыймыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙМЫКТУУ** Сыймыгы бар, кадырлуу, барктуу. *Советтик баатыр Армия, Сыймыктуу, даңктуу атыңды, Урматтап тосуп алабыз* (Нуркамал).

**СЫЙПА** 1. Колду тийгизип сылоо, кол менен жануу, болор-болбос жанып өтүү, сылап өтүү. *Мусабек сакалын сыйпап койду* (Сасыкбаев). 2. Сүртүлүүчү, майлануучу затты экинчи бир нерсеге сүртүү, майлоо, шыбоо. *Эриндери эндик сыйпап алгандай кыпкызыл* (Сасыкбаев). *Агарыңкы көрүнөт, Жериңе акиташ сыйпап коёбу* (Осмонкул).

**СЫЙПАЛ сыйпа** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЙПАЛА** Сыйпап кармалоо, кол тийгизип кармалоо. *Маржан бир колуна куурай кармап, бир колу менен коломтону таппай сыйпалады* (Жантөшев). *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов).

**СЫЙПАЛАП КАЛУУ** Эч нерсе таппай калуу.

**СЫЙПАЛАТ сыйпала** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙПАЛОО сыйпала** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙПАН сыйпа** этишинин өздүк мамилеси.

**СЫЙПАТ сыйпа** этишиннн аркылуу мамилеси.

**СЫЙПОО сыйпа** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙРА** 1. Ирет, катар, жол. *Көсөл эшиктин алдына суу сээп, бир сыйра шыпырып чыкты* (Каимов). 2. Кырка, катар-катар жол. *Жол бою сыйра тигилген алча багынын жыты жыттанат* (Бөкөнбаев)

**СЫЙРУУ сыйыр** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙРЫ сыйыр** менен бирдей.

**СЫЙРЫК** Дененин сыйрылган, тытылган, сүрүлгөн жери.

**СЫЙРЫЛ сыйыр** этишинин туюк мамилеси.

**СЫЙРЫЛМА** Жылмышып, сыйрылып кала турган.

**СЫЙЫ МЕНЕН** Абийирин кетирбестен, кадыр-баркы менен, жаман-жакшы айтышпастан. *Сыйы менен кете бербей, өз абийирин өзү кетирмек болду* («Чалкан»).

**СЫЙЫМДУУ** Көп сыя турган, ичи кенен. *Сыйымдуу идиш.*

**СЫЙЫМДУУЛУК** Сыя тургандык, батымдуулук, сыя турган ченем, өлчөм. *Сыйымдуулугу 5 литр келген идиш.*

**СЫЙЫН** 1. Кандайдыр өтүнүч, тилек

менен кудайга, олуяга, пайгамбарларга ж.б. кайрылуу, табынуу, кулдук уруу. *Кол башындай алтын бут, Койнунан алып сыйынып* («Семетей»). *Эшен, калпа сыйынган Сулаймандын тагы бар* (Барпы). 2. *өт.* Таянуу, таяныч кылуу, ишенүү, бел кылуу. *Байлыгына сыйынып, элди, туугандарды көзүнө илбеген зөөкүр* («Ала-Тоо»). *Кимге сыйынасың, сенин менден бөлөк күйүшөрүң барбы?* («Ала-Тоо»). *Сыйынат бир өзүңө Камчың дайым, Өзүңдөй айкөл чыкты кара кызың* (Байгазиев).

**СЫЙЫНТ I** Баш калка, калканч. *Сарайдын эшиги ачык. Жол жүрүп, кечигип калган киши жалгыз мына ушул кербен сарайдан өзүнө сыйынт табат болучу* (Абдукаримов).

**СЫЙЫНТ II сыйын** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙЫНТТА** Сыйынт кылуу, баш калкалоо, калканч кылуу. *Үч карышкыр бала сыйынттаган боз үйдүн ордундай тектирчедеги издерди шимшилешти* (Токомбаев).

**СЫЙЫНТТУУ** Калканчы бар, далдасы бар.

**СЫЙЫНУУ сыйын** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЙЫР I** 1. Терини же кабыкты ажыратуу, этинен ажыратып алуу. *Койчу тоо текенин терисин сыйрып жиберип, көөдөнүн алып, таш кордо жасады* (Сасыкбаев). *Өгөөдөй болгон кыл аркан алакандарын кабартып, терисин сыйрып жиберди* (Токомбаев). 2. Жамынчыны, кийимди ж.б. алып коюу, алып таштоо. *Бубүш чарага жапкан жамынчыны сыйрып таштады* (Ала-Тоо»). *Далдаңдап бул катарда Келгенбай бар, Боо чечип, сыйрып жүгүн таңган* (Турусбеков).

**СЫЙЫР II** *диал.* Уй. *Бири сыйыр, бири кой.* («Манас» С.О.). *Көп сыйырым бар эле, Куйтум, сенин бул олжоң азбы экен Куйтум?* («Эл адабияты»).

**СЫЙЫРТ сыйыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЙЫРТМАК** Моюнга илинтип тартканда муундура турган же илинтип кармап алууга ылайыктап жасалган жиптин, аркандын ж.б. илмеги, *Сыйыртмак салып мойнуна, Акыры минтип жайладым* («Олжобай мекен Кишимжан»). *Азоолорду сыйыртмак салып кармоо.*

**СЫЙЫРТМАКТА** Сыйыртмак кылып байлоо, сыйыртмак кылып тартуу; сыйыртмак салуу.

**СЫЙЫШ сый** этишинин кош мамилеси.

**СЫК** Кысуу, сыгылтуу, бир нерсенин ичиндегисин кысып чыгаруу. *Каныбекти сыга кучактап, эки бетинен эки өптү* (Жантөшев).

**СЫКМА** Сыгып чыгара турган, кысып чыгара турган, сыгып ала турган. *Сыкма май.*

**СЫЛА** Колду акырын тийгизе сыйпап, жанып өтүү, сыйпай тийип өтүү; эркелетүү. *Магдырап жаткан бөбөктүн, Маңдайын Жапар сылады* (Бөкөнбаев). *Колум болуп, аста сылап кетсеңер, Көмүлбөгөн сөөктөрдү көрсөңөр* (Байгазиев).

**СЫЛАЙ ЖҮКТӨӨ** Толук жетишээрлик өлчөмдө жүктөө.

**СЫЛАЙ КАМЧЫЛАНУУ** Чала-була тийгизе, жанып камчылануу.

**СЫЛАН I** Жасанып-түзөнүү, сылап-сыйпануу. *Сыланып жакшы кийинген өңдүү-түстүү немелер экен* (Бейшеналиев). *Тотудай боюм сыланып, Торкону кийдим жылтылдап* (Осмонкул).

**СЫЛАН II** *диал.* 1. Сыланкороз. 2. Түптүз, керилген. *Балаң да сылан, өзүң да сылан экенсиң.*

**СЫЛАНКОРОЗ** Сыланып-сыйпанганды, жасанып-түзөнгөндү жакшы көргөн, көйрөң. *Сен эмне, жерден бооруңду көтөрө албай жатып сыланкороз боло баштагансың* («Чалкан»).

**СЫЛАҢКЫ** *диал.* Сулуу. *Сылаңкы келин ойсоктойт.*

**СЫЛАП-СЫЙПАП БАГУУ** Өтө ардактап, каркыттап, куш учурбай багуу, асыроо. *Кашаң карагерин сылап-сыйпап, жайдыркыштыр жемден өксү кылбай багат* (Бейшеналиев). **В.: Сылап-сыйпап асыроо.** *Сылап-сыйпап асыраган бирөөнүн жалгыз кызы* («Ала-Тоо»).

**СЫЛАТ сыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЛОО сыла** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЛТУУ сылты** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЛТЫ** Бир аз аксоо, бир аз аксандап басуу. *Майчынын аты Мааданбек, Сол бутунан сылтыган* (Осмонов). *Асан карыя өмгөктөп туруп таягын алып, сылтып эшикке карай басты* (Токомбаев).

**СЫЛТЫК** Сылтып баскан, сылтыган. *Кең талаанын келечегин көрдү окшойт, Жымың этти, солбуп сылтык аягын* (Токомбаев).

**СЫЛЫК** Сыпайы, орой эмес, сыпаа, адептүү. *Дос, тууганды ала жүр жакын кылып, Кичүүгө да, улууга болгун сылык* (Баласагын). *Адамдын түрдүүсүндө түрдүү кылык, Бирөө орой, бирөө митаам, бирөө сылык* (Турусбеков). *Балдар сылык өссө, көңүлүң көтөрүлүп калат* (Абдукаримов). *Сулуулардан, сылыктардан бөлүнүп, Сен жүрөсүң мага өзгөчө көрүнүп* (Закирова).

**СЫЛЫКТЫК** Сыпайылык, орой эместик, сылык болгондук, орой сүйлөбөгөндүк, адептүүлүк. *Сылыктыктын белгиси – алыш-бериш, ынтымактын белгиси – барыш-келиш* (макал).

**СЫМ зым** менен бирдей.

**СЫМАК** Сыяктуу, өңдүү, окшош. *Каныбек жарча зоонун алдындагы үңкүр сымак көбөөлгө кирди* (Жантөшев).

**СЫМАЛ сымак** менен бирдей. *Үйдүн чыгыш тарабындагы дөң сымал түзгө көп киши чогулган* (Жантөшев).

**СЫМАП** 1. Күмүш түстүү мөлтүлдөгөн суюк оор металл, химиялык элемент. 2. *өт.* Мөл-

түлдөгөн, мөлтүрөгөн. *Шылдыр-шылдыр сымап суулар, Сымап суулар көйкөлөт, Көк шибери ойногонсуп, Ойногонсуп сөйкөнөт* (Токомбаев). *Бул бакытты этиеттейм, бир күнү, Сымап болуп чачылчудай төгүлүп* (Закирова). 3. *өт.* Колго токтобогон, мүлтүлдөк, жойпу. *Тигине, тирүү сымап турагы жок, Купуя, майда кытмыр эсеби бар* (Токомбаев). *Азыр анын аты Калтабай эмес, Калтабай-сымапка айланган* (Токомбаев).

**СЫМАПТАЙ** Сымап сыяктуу мөлтүлдөгөн, мөлтүрөгөн. *Сымаптай мөлт-мөлт этет көзүмдөн жаш* (Үмөталиев). *Сызылат тоодон жылтылдап, Сымаптай суусу булактын* (Бөкөнбаев).

**СЫМБАТ** Келбет, турпат. *Сымбаты сулуу чүрөктөй* (Осмонкул). *Жийдегүлдүн сымбаты кыз чагындагыдай зыңкыйып сыйда* (Сасыкбаев).

**СЫМБАТТУУ** Келбеттүү, сымбаты келишимдүү, сындуу, көрктүү. *Зейнеп апа кандайдыр ичи элжиреп, Саадаттын толмоч, сымбаттуу мүчөсүнө көз жиберет* (Айтматов). *Алдындагы аты күмүш ээр токум токулган сымбаттуу тору кашка* (Каимов).

**СЫМГА ТАРТКАНДАЙ** 1. Түз, теп-тегиз. *Кудайдын көзү түз болсун, балдарым сымга тарткандай болуп тегиз жетилип келе жатышат* (Ала-Тоо). 2. Эч кебелбей, кыймылдабай. *Айнагүл сымга тарткандай мелтиреп отура берди (*«Ала-Тоо»).

**СЫМПООЧ** Боо, бекиткич.

**СЫМТАРАЧ** *диал.* Туяк жонгуч аспап, такалоочу аттын туягын жоно турган бычак.

**СЫН I** 1. Бир нерсенин, иштин сапаты же кандай экендиги жөнүндө жүргүзүлгөн талдоо, айтылган пикир, берилген баа. *Басма сөз – сындын эң күчтүү куралы.* 2. Сапат, келбет, сымбат. *Чу койгондо бөлүнүп, Тулпардык сыны көрүнүп* («Эр Төштүк»). *Сыны жакшы жигит.* 3. Көөдөн, көкүрөөк сөөк. *Сын туташып, бой муздап, Жатпай турган болсочу* (Терме). *Түндө ачылып калганмынбы, ойгонсом эле сыным туташып калыптыр* (Мавлянов).

**СЫН II** 1. Бүтүн нерсеге сынык пайда болуу, бөлүнүп, ажырап кетүү, бүктөлүп жик кетүү, жарака кетүү. *Үйдөй чым асманга учту жер тытылып, Качырап карагайлар жатты сынып* (Үмөталиев). *Өйдө тартса – өгүз өлөт, ылдый тартса – араба сынат* (макал). *Устасы жакшы келишсе, Сынган буюм оңолот* (Осмонкул). *Көңүлү адамдардын шише буюм, Сынбасын, абайлагын ойло уулум* (Баласагын). 2. *өт.* Уят болуп калуу, көңүлү, деми сууп калуу, деми кайтуу, бөөдө чыгымга, зыянга учурап калуу, мүдөөсүнө жете албай уят болуп калуу. *Сыпатың улук барабар, Сындырба назик шагымды* (Казыбек). *Сөзгө сынды. Шагы сынды. Назары сынды. Көңүлү сынды.*

**СЫН АТООЧ** Заттардын белгисин, өңүн, сынын, сыпатын көрсөтүүчү сөз түркүмү.

**СЫН ЖОК** Сындай турган эч нерсеси жок, абдан мыкты, эң сонун. *Акматбекке сын жок, ал өз ишин эң сонун билет* («Ала-Тоо»). **В.: Сында жок.** *Улуктугуң сында жок, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**СЫН КӨЗ МЕНЕН КАРОО** Туура жерлери менен кемчилигин ажырата кароо, байкап, сынай билүү. *Кайратын көрүп кан Кошой, Сын көзүн анык салганы* («Манас»). *Бирок кандай, Чоочун жандай, Сын көз менен карашың* (Нуркамал).

**СЫН РЕАЛИЗМИ** *адаб.* Адабият жана искусстводогу көркөм метод, реализмдин бир баскычы.

**СЫН СӨӨК** Абдан арыктаган, шалдайып алы кеткен. *Аскаларда отурган сын сөөк жорулар мүрлөрүн шалдайтып айланасын көңүлсүз, жалооруй тиктешти* (Токомбаев).

**СЫН ТАГУУ** Бирөөнү сындоо, андан өйдөсүнүп сынга алуу, тыңсынуу. *Көйрөң тууган азамат, Көрүнгөнгө сын такпай, Өз турмушун оңдосун* (Осмонкул). *Ашыра бой көтөрүп, ашыра сын тагып кеткен да болбойт* (Сыдыкбеков).

**СЫНА** Сын, сыпаты, мүнөзү ж.б. жөнүндө белгилүү бир пикирге келүү, баа берүү; байкап көрүү; сынга алуу. *Көрүп туруп Канышай Курманбекти сынады* («Курманбек»), *Абдан күлүк болот деп, Аксакалдар сынаган* (Осмонкул). *Бул Төштүктүн кыйынын, Жана сынап көрөйүн* («Эр Төштүк»).

**СЫНАК** Сыноо. *Олдо тагдыр, мынча оор сынагың, Сынагыңа канча ирет чыдадым* (Бегимкулова). *Жакында өсүп ат болуп, Сынактан өтүп кез толуп* (Токомбаев).

**СЫНАЛ сына** этишинин туюк мамилеси.

**СЫНАЛГЫ телевизор** менен бирдей.

**СЫНАМАЛ** Сыналган, сыноодон өткөн. *Өзүмө сынамал болгон ат.*

**СЫНАМАЛ** Сынаман, сыноодон өткөн.

**СЫНАТ сына** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫНАШ сына** этишинин кош мамилеси.

**СЫНДА ЖОК** Артыкча, тигиндеймындай деп айтуу кыйын, мыкты, сонун. *Улуктугуң сында жок, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**СЫНДА** Сынга алуу, сын берүү, сыноо, сынап билүү. *Мурунку, эмки күндү ылгагыла, Кайсы күн жарык экен сындагыла* (Калык). *Кыялымды сындадым, Көргөндө сизди ырдадым* (Барпы).

**СЫНДАЛ сында** этишинин туюк мамилеси.

**СЫНДАТ сында** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫНДОО сында** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫНДУУ I** Келишимдүү, келбеттүү, сыны мыкты. *Сабыр дөбөгө чыкканда сындуу бою балдардын көзүнө сүрдүү, сүйкүмдүү көрүндү* (Сыдыкбеков). *Сымбатын таап ырдайлык, Балам, сындуусу чыгат келинден* (Токтогул).

**СЫНДУУ II** Окшош, сыяктуу, өңдүү. *Би-*

*йикте деңиз сындуу көпкөк асман, Тоо башын көлөкөлөп булут баскан* (Токомбаев). *Коё берсе арыштап, Кулан сындуу жүгүргөн* (Осмонкул). *Атуулуңду пешка сындуу санаган, Арыласың качан ушул адаттан?* (Байгазиев).

**СЫНДУУЛУК** Келишимдүүлүк. *Боюнун сындуулугун көрүп, жаш кызга көзү түшкөндөр көп болду* («Ала-Тоо»).

**СЫНДЫН КАРА ТАШЫ** Абдан оор. *Колу сындын кара ташы экен, козгой албадым* (Осмоналиев).

**СЫНДЫР сын** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫНДЫРГАЛУУ** Сөөлөттүү, салтанаттуу. *Сындыргалуу кан болуп, Салакалуу жан болуп.*

**СЫНДЫРМА** *диал.* Жатын жагы бүктөлүп октолуучу кош ооз мылтык. *Биз сындырма десек, алар бүктөмө, омкормо дешет экен.*

**СЫНДЫРЫК** Өрүмчүнүн негизги куралы.

**СЫНДЫРЫМ** Сындырып алынган бир бөлүк, ошончолук көлөмдөгү өлчөм (көбүнчө нанга карата). *Бир сындырым нан үчүн, Мына минтип там салдык* (Турусбеков).

**СЫНМА КОТУР** Бүткөн бойго жыш чыккан котур. *Илгери сынма котур болуп да туура кырк күн бел чечкен эмесмин!* (Сыдыкбеков).

**СЫНОО I** 1. Сынга салуу, текшерип көрүү үчүн жүргүзүлгөн байкоо. *Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот* (макал). 2. Экзамен.

**СЫНОО II сына** этишинин кыймыл атоочу

**СЫНПОСТОО** Шири, көн буюмдарына көркөмдүк түшүрүү.

**СЫНТАШ** *диал.* Мрамор. *Аны сынташ дейт, сүрөткананын жанындагыны.*

**СЫНУУ сын** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫНЧ** *диал.* 1. Там үйдүн каркасы. 2. Үйдүн каркасынын чабактары. *Дарбазалуу коргондун, Сынчын алды басмачы. Элдин барын ыйлатып, Тынчын алды басмачы* (Барпы).

**СЫНЧЫ** *адаб.* Адабий сын жазган автор. Ал көркөм чыгармада жаап-жашырылып айкын көрүнбөгөн, түздөн-түз айтылбаган, көзгө сайып көрсөтүлбөгөн нерселерди ачып берет, окурмандын оюн багыттайт, автордун идея-темасын, проблемаларын дааналайт. *Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол* (макал). *Сынчынын сөзү сын болот, Ырчынын көөнү ыр болот* (Калмырза). *Айтыптыр бир акылман, сынчы киши, Сынчынын дайым келет айткан иши* (Баласагын). *Адабий сынчы.*

**СЫНЧЫЛ** Сынагыч, сын бергич, сынчы. *Эне сынчыл, сынай турган кези көп* («Ала-Тоо»).

**СЫНЫ ТУТАШУУ** Бүткөн бою жазылбай курушуу, кучунашы кармоо. *Карышкыр сыны туташып, бууруккан сүрү менен ар койду бирден булкуп өлтүрүп кете берет* (Жантөшев).

**СЫНЫГУУ сынык** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫНЫК I** 1. Сынып калган, жарака кеткен же кетилип калган жери бар, бүтүн эмес. *Сынык ээр. Сынык казан. Сынык кетмен. 2.* Нерсенин сынган бир бөлүгү, бүтүн нерседен ажырап, бөлүнүп калган бир бөлүк. *Ашыр кумуранын сыныктарын сыйпалап издей баштады* (Сасыкбаев). *Өзү дагы ажал тапты кыраан эр, Учуп тийип гранаттын сыныгы* (Үмөталиев). 3. *өт.* Дененин сынган жери, сынуу аркылуу болгон илдет. *Сыныктын жаманы – кыйшык таңылганы, жигиттин жаманы – оозунан жаңылганы* (макал).

**СЫНЫК II** Мурдагыдай болбой бир аз ийигүү, мизи кайтуу, бети кайтуу. *Күн сыныгып, айлана мелүүн тартып, жымжырттык жышанасы келип калган* (Сасыкбаев).

**СЫНЫП** *эск.* Класс. *Дээринде бар балдар биринчи сыныптан эле адам болуп чыгат* (Сыдыкбеков). *Үчүнчү сыныпта окуп аткан баласына. Биз он жашка чейинки балдарды алабыз, биринчи сыныпка* (Абакиров).

**СЫҢАР** Бир, жалгыз, жалкы, көбүнчө кош нерсенин бири, түгөйү. *Сынчынын сыңар өтүгү майрык* (макал). *Сыңар жанга жол айтып, Кубандырган кебиң жок* («Манас»). *– Бар, балам, байкеңе сыңар мүйүз мала уйдун айранынан алып чык* (Бейшеналиев).

**СЫҢАР ИЙИНДЕП КИРҮҮ** *аңч.* Алгыр куш, бүркүт бир нерсени алуу үчүн качырганда бир канатын ылдый коё берип төмөн карай шукшурулуп өтө тез учуу.

**СЫҢАРЫ** Сыяктуу, окшош. *Так ушунун сыңары Калмураттын быйылкы карызы көбөйгөндөн көбөйүп баратат* (Абдукаримов).

**СЫҢАРЫНДАЙ сыңары** менен бирдей.

**СЫПАА** Сылык, сыпайы, адептүү. *Сөөгү таза, сөзү сыпаа, жакшы кыз.* (Сыдыкбеков). *Жигит айтар кебин беленден, сыпаа туруп «карындаш» деп бурулат* (Сыдыкбеков).

**СЫПАЙ I** *эск.* 1. Черүү, жоокер, солдат (Кокон кандыгы кезиндеги). 2. Кокон кандыгынын убагындагы мансап ээси. *– Абдырахман... – деди Абыл бий өрттөнүп. – Мага эки жүз сыпай чыгарт Анжыяндан. Бир сыпай набыт болсо, кунун төлөйм* (Касымбеков).

**СЫПАЙ II** Өзөндү, дарыяны бөгөй турган үч буттуу шаты жыгач. Бул үч буттуу шаты жыгачтын арасына чырпык, куурай салып, таштар менен бастырып сууну бөгөгөн. Бул илгерки замандан бери дыйкандардын суу бөгөө ыкмасы. *Суу жакалай соройгон сыпай жыгачтарынын бирине кичинекей кайык байлануу экен* (Жигитов).

**СЫПАЙГЕРЧИЛИК** Сыпаалык, сыпайылык, сылыктык, адептүүлүк. *Мында отуруңуз, – деп Кулбашка бирөө сыпайгерчилик менен орун берди* (Абдукаримов).

**СЫПАЙЧЫ I** Кокон кандыгынын убагындагы жоокер, солдат. *Иш келсе сени аябайт, Сыпайчы менен сырдашпа* (Терме).

**СЫПАЙЧЫ II** Устунду үч бут кылып бириктирип, суу бөгөөчү адам.

**СЫПАЙЫ сыпаа** менен бирдей. *«Ээ баатыр, жол болсун» – дейт, өйдө турбай, Беркинин сыпайы айткан жообун укпай* (Осмонов). *Сыпайы сырын жашырбайт* (макал).

**СЫПАЙЫЛЫК** Сылыктык, сыпаалык, адептүүлүк. *– Алыңыз, мейман! – деп, сүйгүнчүктүү сыпайылык менен Алым келинге карады* (Жантөшев).

**СЫПАТ** Сын, келбет, кебете. *Сыпатың көрктүү балбандай, Тырмагың болот канжардай* (Тоголок Молдо). *Теке жоомарт Телтору ат, Сын-сыпаты кем эмес, Бугу менен маралдан* («Курманбек»)

**СЫПАТТА** Сыпатын көрсөтүү, сүрөттөп көрсөтүү, мүнөздөө, баяндоо. *Жаш талант толкун козголуп, Сыпаттап жаздым кубанып* (Бөкөнбаев).

**СЫПАТТАЛ сыпатта** этишинин туюк мамилеси.

**СЫПАТТАМА** 1. Бир нерсенин сын-сыпатын, тулкусун, ички мазмунун, маанисин ж.б. белгилерин ачып берген түшүндүрмө, маалымат, баяндама. 2. *адаб.* Чыгармалардын түп нускасынын кыскача аннотациясы, кайсы жылы, ким тарабынан кандай арипте ж.б. жазылгандыгы тууралында жазылган толук маалымат. *Кол жазмалар фондусундагы түп нускалардын сыпаттамасы.*

**СЫПАТТОО сыпатта** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫПАТТУУ** Сындуу, келбеттүү, сыпаты келишкен. *Кетем десең кете койчу Нур сыпаттуу бураң белим* (Шимеев).

**СЫР I** 1. Бузулбай көпкө сакталып, сапатын жоготпоо, көрктүү болуу үчүн жыгачтан, темирден ж.б. жасалган буюмдарды, курулуштун бөлүктөрүн, машиналарды ж.б. сырдоого жумшала турган боёк заты. *Пол сырдай турган сыр. Темирдин сыры. Сары сыр. Көк сыр.* 2. Ушундай зат менен сырдалган, коздолгон. *Алымбүбү сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип Жапарга сунду* (Баялинов). *Бапестелип сыр бешикке бөлөндүм* (Бейшеналиев).

**СЫР II** 1. Ички ой-пикир, жашыруун сактаган ой-пикир, ички сезим. *Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил* (макал). *Жакшынын сыры ичинде, жамандын сыры сөзүндө* (макал). *Анык сырың айтпасаң, Сенин тилиң албаймын* («Манас»). *Баарын ук, бирок шашпа тыянакка, Сырыңды өз ичиңде бекем сакта* (Баласагын). 2. Айтууга, жарыя кылууга болбой турган жашыруун маалымат, кабар. *Душманыңа алданып, Элиңдин сырын сатпагын* (Токтогул). *Кылдаттык менен абайлап, Жоонун сырын алгыла* («Мендирман»). *Сүйлөдү кат маанисин курдашына – Согуштук сыр эмес да жашыргандай* (Үмөталиев). 3. Кандай экени али билине элек белгисиздик, табышмактуулук, касиеттүүлүк. *Биздин бабалар тоонун ички сырын ачууга күчсүз болушту* (Сыдыкбеков). *Чын сырым, сени жерге бербегеним, Апаке, жүрөгүмө көмүлгөнсүң!..* (Байгазиев). 4. Кулк-мүнөз, кыял-жорук, өздүк (жекече) сапат. *Татыбектин сыры белгилүү да* (Байтемиров). *Аттын сыры ээсине маалым, кыздын сыры төркүнүнө маалым* (макал). *Сырыңа каныгып, курбаган үчүн бир сайран, Төгүлүп бүтпөй, чачылып бүтпөй буйланган* (Сариева). *Сан миң эл кайтарымды ширеп турат, Сырымды билгендердин эсиндемин* (Бегимкулова).

**СЫР III** Атайын жолдор менен сүттөн жасалган азык. *Айша колундагы сырды жукалап кесип жатты* («Ала-Тоо»).

**СЫР АЛДЫРБОО** Бир нерсенин шегин билгизбөө, жашыруу, билсе да билмексенге салуу. *Кемпир үнчүкпады. Ушундайда бала-чакага сыр алдырбай сумсайып отурчу текебер мүнөзү боло турган* (Нурпеисов). **В.: Сыр бербөө.** *Анысын билдирбеске тырышып, ичинен өзүнчө өксүп, өзүнчө жерисе да сыртынан сыр бербеди* (Кушубеков). *Рай сыр бербөөгө тырышса да, көңүлү бошоп бараткан сезип, желдире жүрүп кетти* (Укаев).

**СЫР АЯК** *Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт* (макал).

**СЫР БИЛГИ** Оюндагысын айттырбай билген, ага жакшы түшүнгөн. *Сыр билги кыргыр таң күтүп, Самоорго чайын кайнатса* (Осмонов).

**СЫР ДООЛ** Жоо менен беттешээрде кагыла турган барабан.

**СЫР ЖЕБЕ** 1. Учтуу жебе, учу курч жебе. 2. Жылмакай, же сырдалган жебе. *Алеңгир жаа, сыр жебе, Кошо тартат Чынкожо* («Семетей»).

**СЫР КӨРСӨТҮҮ** Кыр көрсөтүү, сес кылуу, опузалуу түр менен коркута мамиле кылуу. *Ал сыр көрсөткөндөй үнүн бийик чыгарып жооп берди.*

**СЫР НАЙЗА** Учтуу каскак, курч каскак. *Береки сайышка алган сыр найза, Караңгыда көтөрсө, Ай тийгендей жарк эткен* («Манас»).

**СЫРА I** Такыр, кенедей да, эч бир. *Эсимден сыра кеткен жок, Сиздин айткан сөзүңүз* («Эл адабияты»). *Башкалар болсо, Даниярга сыра да көңүл бурушкан жок, элдин баарысы кап көтөрүп жүрбөйбү, ким менен кимдин иши бар эле* (Айтматов).

**СЫРА II** Бир аз кызыта турган таасири бар, дандан жасалган алкоголдук ичимдик, суусун.

**СЫРАЙ** 1. Сороюп чыгып туруу, бутун же куйругун соройтуп көтөрүү. 2. Жыгылуу, кулап жыгылуу. *Ойкуп Манас кеткенде, Он эки балбан сырайып* («Манас»). *Башың менен жер сайып, Сыраясың активим* (Үмөталиев). 3. Чычайып элден бөлүнүү, менменсинүү. *Сырайып деле кишиге жакын жолобогон неме экен* («Ала-Тоо»).

**СЫРАНДА** 1. Кайра-кайра сырайып көтөрүлө берүү, сороктоо. 2. Эдирендөө, күчөнүп сүйлөө.

**СЫРГА** 1. *диал.* Кой-эчкинин мойну же кулагында табигый түрдө жолугуучу тоголок өсүндү. *Ак улактын эки сыргасы бар.* 2. Кооздук үчүн кулакка салынуучу алтын, күмүштөн, асыл таштардан ж.б. жасалган жасалга, сөйкө. *Жузум форма алтын сырга Кулагында дирилдейт* (Токомбаев). *Кулагында кыздардын Күйгөндөй каухар сыргасы* (Үмөталиев).

**СЫРГАК** 1. Тоодогу сыдырым жел. *Кечки соккон сыргак жел.* 2. Сак, шырп алдырбаган, сергек. 3. Энчилүү ат. *Чырм этип уйку албаган, Чыканактап калбаган, Атка жеңил, тайга чак, Чыканактай эр Сыргак* («Манас»). 4. *аңч.* Көңөсүндө тик кеткен жырыгы бар эң кыраан бүркүттүн бир түрү.

**СЫРДА** Сыр менен майлоо, боёо. *Караса журтта Табылдынын сырдаган таш мамысы жатат* («Эр Табылды»).

**СЫРДАЛ** **сырда** этишинин туюк мамилеси.

**СЫРДАНА** Ичинде кири жок, арамы жок, бири бирин жакшы билген. *Сырдана болгон жакшы жолдош.*

**СЫРДАТ** **сырда** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫРДАШ I** Сырын билген, мурдатан сыр айтышып жүргөн. *Биз өтө эле жакын, бирибиринен эчтеме жашырбас сырдаш курбулар сыяктуу элек* (Айтматов). *Каныш байбиче Айымжан экөө сырдаш кишилер* (Сыдыкбеков.)

**СЫРДАШ II** Сырын айтуу, сыр айтышуу, сыр алышуу. *Бир гана Гүлнар болду менин барып, Жүрөктүн дартын козгоп сырдашканым* (Үмөталиев). *Чечилишип сырдашсаң, Көкүрөктөн муң кетер* (Токтогул). *Сырдашалы кел бери, Ырчылыкты билдирип* (Калмырза). *Ата-Бейит – Фудзияма сезилип, Сырдашабыз өзүңүзгө кезигип* (Акматалиев).

**СЫРДАШ III** **сырда** этишинин кош мамилеси.

**СЫРДАШТЫР** **сырдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫРДАШУУ** **сырдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫРДУУ I** Сырдалган, сыр менен боёлгон, сыр жуккан. *Көк сырдуу дарбаза.*

**СЫРДУУ II** Сыры бар, табышмактуу, али ачыла элек, купуя, жашыруун. *Көрүнгөнгө айтпагын, Жашыруун сырдуу кебиңди!* («Мендирман»). *Турмуш – күрөш, Күрөшкүлө! Турмуш – сырдуу, ачкыла* (Токомбаев). *Ал өтө татаал деле эмес эле, бирок дайыма сырдуу, туңгуюк болор эле* (Усубалиев).

**СЫРКОО** Ооору, ноокас, табы жоктук, бейтап. *Сыркоо адам.*

**СЫРКООЛО** Ооруп калуу, ноокастоо, сыркоо, бейтап болуу. *Алымкул арка кылган Кулбаш сыркоолоп төшөктө жатат* (Абдукаримов).

**СЫРКООЛУУ** Оорулуу, ноокас, сыркоолоп калган. *Медпунктта врачтар сыркоолуу малчыларды кабыл алып, кеңешин айтып, дары-дармек берүүдө* («Ала-Тоо»).

**СЫРНИК** Быштак менен жумуртКадан кичинекей калама өндөнтүп жасалган азык.

**СЫРТ** 1. Ички тарапка, ички бөлүккө карама-каршы жак, тышкары жак. 2. Бир нерсенин тышы, тышкы бети, кабатталган, катмарланган нерсенин эң сырткы бөлүгү. *Дептердин сырты. Сырты калың кийим. Сырты кара бөрку бар, Сырттан Манас каркыбар* («Манас»). 3. Оолак болгондук, сырткары тургандык, катышы жоктук. *Ушак-айыңсөздөрдөн сырттамын. Жамандыктан сырттамын.* 4. Өз көзүнчө эмес, өзүнүн катышы, аралашуусу жоктук. *Сыртынан мактоо. Сыртынан кол коюп жибере салуу. Сырттан туруп пенделердин тагдырын, Аныкташка мынча эмне куштарсың?* (Байгазиев). 5. Бир жагы миздүү куралдын мизине карама-каршы келген экинчи жагы. *Кетмендин сырты. Бычактын сырты. Балтанын сырты.* 6. Бийик тоолуу жерлердеги бөксөлөр, бөксө тоолор, адырмак сымал жерлер. *Сырт жайытын кыштаган уйлар келе элек* (Убукеев). *Ысык-Көлдүн сырттары*

**СЫРТ КИЙИМ** Сырттан кийилүүчү кийимдер (мис. пальто, чапан, ичик ж.б.).

**СЫРТКАРЫ** **тышкары** менен бирдей.

**СЫРТКЫ** Сырт жактагы, тыш жактагы. *Сырткы эшик. Сырткы бөлмө. Сырткы катмар.*

**СЫРТТА** 1. Четтөө, обочолоо. *Келинче качып сырттабай, Келсеңчи, балам, жаныма* (Токтогул). 2. Сыртынан каптоо, тыш кылуу, тыштоо. *Алтымыш теке терисин, Сырттап кылган кандагай* («Эр Төштүк»).

**СЫРТТАН I** *диал.* Кумдуу жерде өсө турган, тамыры бир, эки метр келген өсүмдүктүн бир түрү. *Сырттан деген чөпту жемге аралаштырса болот.*

**СЫРТТАН II** 1. Жомоктордо айтылуучу качырганын куткарбас, короого сак, мыкты ит. *Мал баксаң кой бак – каймак кетпейт чарадан, Ит баксаң сырттан бак – кой алдырбайт короодон* (макал). 2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк, чыгаан, мыкты. *Сырттан туугаn эр Төштүк, Кырк жылы басса жыртылгыс, Кыйындап чокой тартынды* («Эр Төштүк»). *Чыныгул сырттаны эле кыздардын* (Жантөшев). *Кыйла лаптын сырттаны* («Семетей» С.К.).

**СЫРТТАН ОКУУ** Окуу жайларындагы күндөлүк сабактарга, лекцияларга үзгүлтүксүз катышпастан, көбүнчө өз алдынча даярданып окуй турган окуу системасы.

**СЫРТТАНДЫК** Кайраттуу, эр жүрөк, жүрөктүү.

**СЫРТТУУ** 1. Сырталган, сырты бар, тыштуу. 2. *өт.* Кыртыштуу, семиз. *Майлуу, сырттуу кабырга.*

**СЫРТЫН САЛУУ** Жактырбагандай, таарынгандай түр көрсөтүү, жакшы мамиле кылбоо, сүйлөшкүсү келбегендей мурчуюп коюу. *Ээликтирип жалган дүйнө арбады, Көңүл бурсам, сыртын салып алдады* (Баласагын).

*Байга сыртын салып, сурдана отурган байбиче уулдарына уруша сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Данияр Жамийлага таң калгандай түктүйө карап, сыртын салды* (Айтматов).

**СЫРТЫНА ТАРТУУ** Жараган, оңолгон абалга келүү, толуу, семирүү. *Ат семизи кымпыйсын, Сыртына тартып зыңкыйсын* («Манас»).

**СЫРТЫНАН САТУУ** Бирөөнүн авторитетин, кадыр-баркын пайдалануу (алдоо, калп айтуу жолу менен). *Сыйлуу карттын аброюн сыртынан сатып азык алып, эл арасында күн көрүп жүрөт* (Нурпеисов).

**СЫРТЫНАН ТОН БЫЧУУ** Бирөөнүн көзү жокто, аны катыштырбай туруп эле өзү чечип коюу, бир нерсеге милдеттүү кылып коюу. *Кызык, мен жөнүндө эч нерсе билбесе, анан сыртыман тон бычып жүргөнүнө жол болсун!* (Кушубеков). *Менин сыртыман тон бычыптыр.*

**СЫРЫН ТАРТУУ** Кимдир бирөөнүн ички оюн билүүгө аракет кылуу, астыртан байкоо жүргүзүп көрүү. *Шектүү кишилердин тымызын сырын тартып жүргөнүн мен кантип сезбейин* (Бектенов).

**СЫРЬЁ** Өнөр жайларында иштетиле турган материалдар. *Тери сырьёсу. Сырьё булактары.*

**СЫЯ** Кандайдыр бир боёк заттын жазуу үчүн колдонулуучу эритмеси. *Сары саптуу калемди сыяга улам малып коюп, Сыдык үңкүйүп отурат* (Жантөшев). *Өз алдынча кобураган Динар колун силке берип, баракка сыя тамызды* (Сыдыкбеков).

**СЫЯ ЧЕЛЕК** Сыя куюп коюу үчүн арналган идиш. *Бир топ сыя челек тизилип, терезенин түбүндө турат* (Баялинов).

**СЫЯГЫ** Болжолдоо, болжоп айтуу үчүн колдонулуучу сөз. *Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек эле* (Баялинов).

**СЫЯК** 1. Бир нерсенин кебетеси, кейпи, түрү. *Алтымыш айры бугудай, Шаңкайып турат сыягы* («Манас»). *Сыягы башка, заары күч, Ал капырдан күдөр үз* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Окшош, сымал, сыяктуу. *Мөндүр сыяк ок болсо, Кайтпай жүрсөң –жигиттик* (Барпы).

**СЫЯКТАН** Окшоп, сыяктуу болуп көрүнүү. *Кайраттуу сыяктанып жүрчү элең, сага эмне болду?* (Байтемиров). *Чоң киши сыяктанып көрүнүү. Керектүү буюм сыяктанат.*

**СЫЯКТАНТ** **сыяктан** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЫЯКТАНУУ** **сыяктан** этишинин кыймыл атоочу.

**СЫЯКТУУ** Өңдүү, окшош, шекилдүү. *Көрүп жүрөм көз менен: Мен сыяктуу туткундун Далайы ачтан өлгөнүн* (Токтогул). *Чубалган ак жибек сыяктуу пахтанын булалары аны өзүнө тар-тат* (Байтемиров).

**СЫЯЛОО** Сыя төгүү, зоот, мөөр түшүрүү. Элдик зергерчиликте күмүштү иштетүүнүн бир түрү.

**СЫЯПАТ** Урмат, сый, урматтагандык. *Улгайган кишилер үйгө келгенде жаштары орундарынан тура калып, «келиңиз» деп сыяпат кылыш элдин салты* (Токомбаев). *Жоокерлеринен тартып генералдарына чейин бизди күтүшүп, сый, сыяпатын көрсөтүштү* (Бөкөнбаев).

**СЭЭЛ** Кээде, анда-санда.

**СЭЭЛДЕ** Азаюу, басаңдоо. *Сугат жумушу сээлдесе, отоо, чабык башталат* (Сыдыкбеков).

**СЭЭЛДЕТ** **сээлде** этишинин аркылуу мамилеси.

**СЭЭЛДӨӨ** **сээлде** этишинин кыймыл атоочу.

**СЭЭР I** *эск.* Салмак бирдиги. *Буттап алтын сээр сайдым* («Эр Төштүк»).

**СЭЭР II** **сыйкыр** менен бирдей.

**СЭЭР III** 1. Ийин менен моюндун кошулган жери. 2. Аттын өркөчүнүн алды жагы. *Соорусу бийик, сээри бас.*

**СЭЭР САЛУУ** Көңүл буруу, көңүл бөлүү. *Керимбай жолуккан кишилерге көбүрөөк сээр сала турган болду* (Каимов). *Айдайга сээр салбай салмактаныш Көк-Дөбөдөгүлөрдүн кимисине болсо да сыймык* (Токомбаев).

**СЭЭРЧИ** Сыйкырчы. *Сээрчи кемпир, сак болгун, Катуулап оозун жайбагын, Как талаада калбасын* («Эр Төштүк»).

**СЮЖЕТ** Көркөм чыгарманын мазмунун түзүп, катышуучуларынын мүнөзүн ачып көрсөтө турган өз ара байланыштуу жана ырааттуулук менен өсүп-өнүгүп отуруучу окуялардын жыйындысы. *Пьесанын сюжети. Сюжеттин өнүгүшү.*

**СЮИТА** *муз.* Ар түрдүү мүнөздөгү пьесалардан түзүлүп, бир идеяга багындырылган музыкалык чыгарма.

**СЮРПРИЗ** Күтүүсүз белек, күтүүсүздүк.

**СЮРРЕАЛИЗМ** XX Кылымда искусстводо пайда болгон багыт, абстракционизмдин бир түрү, бул багытты жактаган художниктер өз милдетин бейаң дүйнөнүн, аң сезимдин турмуш, реалдуу, ирреалдуу жалган кыялдардын ойку-кайкы, укмуштуу өрүмүнөн турган агымын сүрөттөө аркылуу чечүүнү туура көрүшөт.

**СЮРРЕАЛИСТ** Сюрреализмдин жолун жолдоочу адам.

**СЮРТУК** Эки жакка кымтылама өңүрлүү, арты тилик, этектүү сырт кийим.

# Т

**ТАА** Чүкөнүн алчысынын карама-каршы жагы. *Каныбек калчаган чүкө таасынан барып конду* (Жантөшев).

**ТААЖЕЗДЕ** Таеженин күйөөсү.

**ТААЖЕҢЕ** Эненин эркек бир тууганынын, б.а. таякенин аялы. *Тааженем өңүнөн азып калыптыр* (Жантөшев).

**ТААЖЫ** 1. Падышалардын, хандардын атайын баш кийими. Кээде кадимки эле баш кийимге бийик даражаны, коомдогу ордун көрсөтүүчү белги тагылса, ал да таажы атала берет. *Таажы кийди кан болуп* («Манас» С.О.). *Арстан Манас чалкайып, Башында таажы калкайып* («Манас»). *Таажы башта жаркырап, Отурду Абыл тагында* (Жантөшев). 2. Короз, үпүп ж.б. канаттуулардын башындагы желбирөөчү. *Короздун таажысы. Үпүптүн таажысы.* 3. *астр.* Күндүн жана жылдыздардын атмосферасынын эң сырткы бөлүгү. 4. Галактиканы курчап турган жылдыздардын сейрек- телген заттардын сфера түрүндөгү булуту.

**ТААЖЫДАР** Таажылуу, таажы кийген.

**ТААЗИМ** Сый, урмат көрсөткөндүк, ызаат. *Алмамбетти көргөндө, Таазим кылды чуркурап* («Манас»). *Таазим кылдым пириме, Тилегим берди бир кудай* (Калмырза). *Чыңгыз ага, гүл оронуп айланаң, Таазим кылып эл көп экен жайнаган* (Акматалиев).

**ТАКААТ** Чыдам, сабыр, туруштук. *Бул сөздү уккан Каныбек такаат кыла албады* (Жантөшев). *Эч ким такаат бере албай, Уй түгүндөй кызайдан, Эндиреп калган чагы бар* («Манас»).

**ТААЛА** *дин.* Кудайдын, Алланын улуктугун, кереметтүүлүгүн көрсөтүүчү эпитет катарында колдонулуучу сөз. *Кудай таала. Алда таала.*

**ТААЛАЙ** 1. Бакыт, ырыс. *Илим деген аскар тоо, Чыксаң таалай табасың* (Токомбаев). 2. *өт.* Бешене, мандай. *Таалайга бүткөн шор болсо, Тартат го адам пендеси* (Казыбек).

**ТААЛАЙЛУУ** Бактылуу, ырыстуу, таалайы бар. *Жаңы жерде, жаңы шартта туулган Садагасы, сен таалайлуу баласың!* (Турусбеков).

**ТААЛАЙСЫЗ** Таалайы жок, шордуу, бакытсыз.

**ТААЛАЙЫН ТЕБҮҮ** Өз бактысына өзү кедерги болуу, кесирленүү. *Таалайыңды теппе, Шарапат жаным! Шарапат өз таалайынын кайда бурулуп бара тканын билди* (Абдукаимов).

**ТААЛАЙЫ ТАШ КАБУУ.** *к.* **таш кабуу.**

**ТААЛАЙЫНА ТАШ ТИЙҮҮ** Оор абалга, кыйын ишке, кырсыкка дуушар болуу, кирептер болуу. *Эр жеткен уулум былтыр каза таап, таалайыма таш тийбедиби деп кейиди* («Ала-Тоо»).

**ТААЛИМ** Үлгү, тарбия. *Далай ырчы, акынга Таалим берип, сын таккан* (Токтогул).

**ТААЛИМАТ** 1. *эск.* Окуу, билим үйрөтүү. *Мына азыр өкүмат, Ачты бизге матбугат. Мектеп ачып ар элге Берди илим, таалимат* (Тагай, 1916-ж.). 2. Үлгү көрсөтүү.

**ТААМА** Үмүт этүү. *Алыстап турсаңар да таама күтүп.*

**ТААМАЙ** Дал, так, туптуура. *Таамай атар мерген, Таамай айтылган сөз. Таамай жутпай кымызды, Тамшанып даамын татуучу* (Казыбек).

**ТААМАЙЛА** Дал келтирүү, таамай кылуу, таамай болгудай кылып тууралоо, түздөө. *Балбанын кан майданда томолотуп, Таамайлап өлөр жерге сайгын деди* (Маликов). *Табылды бала айлансын, Таамайлап айткан сөзүңдөн* («Эр Табылды»).

**ТААМАЙЛАТ** **таамайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААМАЙЛОО** **таамайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТААМИЛ** *диал.* Жаңы тиккен. *Мындан үч-төрт күн илгери Жаныбек жаңы таамил алма багынын бир четинде чыккан жалгыз түп талдын түз кадасын кыйган* (Мавлянов).

**ТААН** Карга тобуна кирүүчү канаттуу. *Эс тарта баштаган кезде таандын балапанын үйрөтө турган болдук* (Каимов).

**ТААНА** Бөксө тоо, дөңсөөлөрдө өсүүчү, жайдын ортосунда куурап калуучу сасык чөп.

**ТААНДЫК** Бирөөгө же бир нерсеге тиешелүүлүк, тиешеси бар экендик. *Элге таандык. Көпчүлүккө таандык.*

**ТААНУУ** **тааны** этишинин кыймыл атоочу. *Барк-баада кантип жетем татаал, кызым, Таануунун жолу сенсиң айдың, кысын* (Сариева).

**ТААНЫ** Ким же эмне экендигин тийиштүү белгилери (элеси, өңү-түсү, дабышы ж.б. жактары) аркылуу ажыратып, байкап билүү, түшүнүү. *Балам, сени мен таанып турам* (Жантөшев). *Айбанды түрүнөн таа- ны, адамды сөзүнөн тааны* (макал). *Мени таанибай калдыңбы деп корком* (Жакиев).

**ТААНЫЛ тааны** этишинин туюк мамилеси.

**ТААНЫЛГЫС** Мурдагыдай эмес, такыр башкача, таанылбай тургандай. *Мен окууну бүткөнчө бул жердеги турмуш да таанылгыс өзгөрөт* (Бейшеналиев).

**ТААНЫМАЛ** Белгилүү, тааныш, мурдатан белгилүү, тез тааныла турган, оңой айырмаланган. *Осмонкул акын мен элем Өзүңөргө таанымал* (Осмонкул).

**ТААНЫТ тааны** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААНЫШ I** Мурунтан билген, тааныган, белгилүү. *Бектай бул айылдагы балдарга аябай тааныш* (Бейшеналиев). *Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш* (макал). *Өтө сүйкүм бажырайып ачылган, Өрүк гүлү мага тааныш жашымдан* (Бегимкулова).

**ТААНЫШ II** Бири-биринин ким экендигин билишүү, бирин-бири таануу. *Атын айтты Гүлжамал, Ашым менен таанышып* (Осмонкул). *Таанышып койгула, өзүбүздүн оштук жигит* (Абдукаримов). *Биздин таанышуу ушундайча башталды* (Усубалиев).

**ТААНЫШТЫК** 1. Мурдатан тааныш экендик, мурдатан бирин-бири жакшы билип, таанышгандык. 2. Билгендик, кабардар экендик. *Илимий иштер менен таанышлыгы бар адам. Искусство менен мыкты таанышлыгы бар.*

**ТААНЫШТЫР тааныш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААНЫШУУ тааныш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТААП АЙТУУ** Акылга чегип, туурасын айтуу, билип айтуу.

**ТААР** Жүндөн, кебезден ийрилген жиптен, кендирден калың согулган кездеме. *Таар кап. Жерге салчу таар. Жарды байкуш жакшырып, Таардан жабуу жаптырып* (Тоголок Молдо).

**ТААРУУ тaары** этишинин кыймыл атоочу.

**ТААРЧЫ** *диал.* Таар соккон аял.

**ТААРЫ** Араалоо, араалап кесип салуу. *Отун таары. Жыгач таары.*

**ТААРЫЛ тaары** этишинин туюк мамилеси.

**ТААРЫН** Бирөөнүн кылган мамилесине, айткан сөзүнө ж.б. наараазы болуу, таарыныч кылуу. *Гүлнар Зарылга таарынды* (Сыдыкбеков). *Тамаша кылган кеп эле, Таарынаарың эп эле* (Калмырза).

**ТААРЫНДЫ** 1. Таарыгандан түшкөн күкүм. 2. Таарылып түшүрүлгөн майда бөлүктөр, таарылып ташталган калдыктар.

**ТААРЫНТ таарын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААРЫНУУ таарын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТААРЫНЧААК** Бат таарынып калма, тез таарына турган. *Таарынчаак кыз. Таарынчаак киши.*

**ТААРЫНЫЧ** Таарынгандык. *Даниярдын таарынычы, ызасы жазылдыбы, биле алган жокпуз* (Айтматов).

**ТААРЫТ тaары** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААРЫШ тaары** этишинин кош мамилеси.

**ТААСИР** Бир нерсенин экинчи бир көрүнүшкө, кубулушка тийгизген күчү. *Сабырдын чечими мугалимдердин бардыгына күчтүү таасир менен угулду* (Сыдыкбеков). *Таасириң жаздын күнүндөй, Таалайың жайдын гүлүндөй* (Бөкөнбаев).

**ТААСИРДҮҮ** Таасири бар, таасир кыла алган. *Аларды ыкка көндүрүш үчүн, ошолорго тете келе турган таасирдүү киши табыш керек* (Жантөшев).

**ТААСИРЛЕН** Кандайдыр бир таасирге берилүү, бирөөнүн таасиринде болуу.

**ТААСИРЛЕНТ таасирлен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТААСИРЛЕНҮҮ таасирлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТААСИРЛҮҮ таасирдүү** менен бирдей.

**ТААСЫН** 1. Даана, ачык-айкын, таамай, так, анык. *Табына келген убакта, Таасын сермейт куш дагы* (Осмонкул). 2. *өт.* Ашкан, такшалган, тажрыйбалуу, машыккан. *Таасын күлүк жан элем, Ташыркап бутун жойбогон* (Токтогул). *Таасын чыккан жорго элең, Тамашаң менен таң аткан* (Осмонкул).

**ТААСЫНДА** Таасын кылуу, дааналоо, тактоо, аныктоо, айкын кылуу. *Эл арасына тараган ушакты таасындап угуп, жакшылап талда* (Жантөшев). *Жаман менен жакшыны Таасындап билер курагың* (Жантөшев).

**ТААТ** 1. Такат, сабыр, чыдам. *Жаабаба сабыр таат кыла албадым, Барайын бата бергин кудай үчүн* («Эл адабияты»). 2. Кудайга жалынуу, жалбаруу.

**ТААТ ИБАРАТ** Кудайга кулдук кылуу, ырымдык.

**ТАБА I** Бирөөнүн башына түшкөн кайгыга, ишинин ордунан чыкпай калышына кубангандык, табалагандык. *Душманга таба, доско күлкү болбоо. Мырзабайдын үйүнүн өрттөнгөнүнө Төлөнбайдын табасы канды* (Абдукаримов).

**ТАБА II** *диал.* Көмөч казан жана көмөч казанда бышкан нан.

**ТАБАК** Тамак-аш салууга же куюуга колдонулуучу, көбүнчө тегерек формада болгон жайпак же чуңкур идиш. *Батыш бышкан этин, жыгач табакка салып келип, ортого койду* (Байтемиров). *Табактарды жыйнап, таза жуудуруп койгула* (Жантөшев).

**ТАБАК ТҮП** Эт жегенде табактын түбүндө калган кешик.

**ТАБАКТАШ** 1. Жеп-ичкени бир, чогуу тамактанган. 2. *өт.* Максатташ, мүдөөлөш, дили жакын. *Кеп сүйлөсө – сабакташ, Табак тартса – табакташ* (Жеңижок).

**ТАБАЛА** Табасы кануу, таба кылуу. *Эмгекчилер манаптарды алдыртан табалап, Каныбектин тилегин тилешти* (Жантөшев).

**ТАБАЛОО табала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАБАРИК таберик** менен бирдей. *Букара калың элиңиз, Табарик сиздин кебиңиз* (Токтогул).

**ТАБАРМАН** Мал-мүлк, дүнүйө таба билген, тапкыч. *Баарын көрүп жүрөсүң, Мен элем го табарман* («Кыргыз эл акындары»).

**ТАБАРСЫК** Сийдик жыйылуучу жана аны сыртка чыгаруучу баштыкча сыяктуу дене органы.

**ТАБАСЫ КАНУУ** Өч алуу максатында бирөөнүн кырсыкка учурашына, оор, мүшкүлдүү ишке дуушар болушуна ичинен сүйүнүү. *Кырсыкка учураганда Акматтын табасы канып, үч күнү кубанды* («Ала-Тоо»). *Мырзабайдын үйүнүн өрттөнгөнүнө, Телебайдын табасы канды* (Абдукаримов). *Башын кесип калмактын Табасы канды баатырдын* («Курманбек»). **В.: Табасы таш жаруу.** *Жакындап барса, кээ бирөөлөрү күлүп, кээ бирөөлөрдүн табасы таш жарат* (Ашымбаев).

**ТАБЕЛЬ** *экон.* 1. Белгилүү бир тартипте түзүлгөн объектилердин жана инсандардын ирettүү тизмеси. 2. Жумушчу-кызматкерлердин ишке келген жана кайра кеткени, жалпы иштелген убакытты эсепке алуучу документ. 3. Окуучулардын алган баалары жазылып, жетишүү жагы катталып туруучу баракча.

**ТАБЕРИК** 1. Жаңылык, касиеттүү, ыйык. *Таберик деп ошону далай жылы сактадым* («Эл адабияты»). *Таалайлуу таксыр Кедейкан Таберик сиздин кебиңиз* («Кедейкан»). *Сыйкыр үн тамырларда тарагансып Таберик ажайып күч кайнайт канда* (Өмүрканов). *Макени чымчыктар терип жешет да, (көрдөгү) апаңардын ысымын узакка таберистей сактап жүрүшөт,– деди (атам) жай. Буга чейин бактек пенде ысмын ардактап ала жүрчү паранда экендигин укпаптырмын* (Матисаков). 2. Баалуу белек. 3. Курандын 67-сүрөсүнүн башкы сөзү. Көбүнчө кыргыздар бул сүрөнү өлүктү көмгөндө окуйт.

**ТАБИГЫЙ** Табиятка, жаратылышка таандык. *Табигый байлыктар.*

**ТАБИЙГАТ** *к.* **табият.** *Ошол үч күн табийгаттын эң ачуу, эң каардуу күнү болдубу дейм* (Айтматов).

**ТАБИП** *туурасы:* **табып.** *Айыгар оорунун табиби өзү келет* (макал).

**ТАБИР** Дурус, түзүк, туура. *Табир иш. Табир болду.*

**ТАБИРЧИ** Билгич, тапкыч, акылман. *Табирчиңиз бар бекен* («Манас» С.О.).

**ТАБИСТАН** *диал.* Жай, жай мезгили.

**ТАБИТ** 1. Адамдын тамак-ашка болгон каалоосу, көңүл. *«Карынын күч-кубаты тамак эмеспи, апа» – деген анын эскертүүсүн нечен укту, табити тартпаса кантсин?* (Мавлянов). 2. Көркөмдүктү түшүнүү сезими. *Ойлой, ойлой бейтааныштын кебете-кешпирин өз табитине ылайыктап жасап алды кыз* (Стамов).

**ТАБИТИ АЧЫЛУУ** Тамак-ашты жакшы ичүү, ичтейи ачылуу.

**ТАБИТИ ТАРТПОО** Бир нерсеге көңүлү келбөө, пейли чаппоо, көңүлдөнбөө, каалабоо. *Тамакка табити тарткан жок. Барышка табитим тартпады* **В.: Табияты тартпоо.** *Эч нерсеге табиятым тартпайт* («Ала-Тоо»). **Табияты чаппоо.** *Тамакка да табиятым чаппады* («Чалкан»). **Табыты келбөө.** *Табыты келбеген соң эмне ичет* («Кыргызстан маданияты»).

**ТАБИЯТ** Жер бетиндеги бардык жаратылыш, бизди курчап турган материалдык дүйнө, айлана-чөйрө. *Табиятты өзгөртүү. Жалаң гана табиятка карап отура берсек, талаада калабыз* (Убукеев). *Табият эч кимге экиден жүрөк бербеген* (Стамов).

**ТАБИЯТ ТААНУУ** Жаратылыш, анын сырларын ачуу жөнүндөгү илим.

**ТАБЛЕТКА** Дарынын тегерек жана жалпак формага келтирип катырылган бир бүтүнү, бөлүгү.

**ТАБЛИЦА** Графика түрүндө бериле турган маалымат. *Утуш таблицасы. Көбөйтүү таблицасы. Менделеевдин таблицасы.*

**ТАБЛО** *экон.* Адамдын кабылдоосу үчүн ыңгайлуу формада маалыматты чагылдыруучу каражат, такта экран.

**ТАБУ** *адаб.* Тергеме сөздөр – диний түшүнүктөргө жана үрп-адатка байланыштуу кайсы бир буюмдарды колдонууга, атын атоого тыюу салуу, айрым түшүнүктөрдүн өз атын атабастан, ордуна башка сөздү колдонуу.

**ТАБУУ тап** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАБЫ ЖОК** Эч нерсеге көңүлү жок, сыркоологон, ooруп калган. *Эмнегедир бүгүн апамдын табы жок, өзүнчө эле сабыры суз отурганынан мен да батынып эч нерсе айта алган жокмун* («Ала-Тоо»).

**ТАБЫЛ тап** этишинин туюк мамилеси. *О, жан курбум, кошто эми, ырдайлы, Бир жоголгон, бир табылган жылдарды* (Келдибекова).

**ТАБЫЛГА** 1. Иштеп, аракет кылып тапкан акы, олжо, киреше. *Күндөп-түндөп иштеген эмгегинин табылгасы таттуу болбосо, анан эмне таттуу болот?* (Жантөшев). 2. Жетишилген ийгилик, жаңы ачылыш. *Илимдин жаңы табылгасы. Бул поэма кыргыз окуучулары үчүн чоң табылга* («Ала-Тоо»).

**ТАБЫЛГЫ** Кызыл-күрөң түстөгү өтө жоон эмес катуу, жапайы майда жыгач. *Табылгы иши жасалып, томпойгон жаш баланын* («Эл адабияты»). *Табылгы саптуу камчы. Табылгы отун.*

**ТАБЫН** Кулдук уруу, сыйынуу, баш ийүү, баш уруу. *Жакасын кармап табынат. Периштенин алдына, Кол куушуруп табынып* (Токтогул).

**ТАБЫНТ табын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАБЫНУУ табын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАБЫП** Сыркоо адамдын тамырын кармап, дарылоочу тамырчы, дарыгер. *Табыптар Алымкулду айыгат деп, Жарага уу коргошун жаптырышты* (Токомбаев). *Табыптарын жыйдырып, Найза тийген жерине, Аябай дары салдырып* («Семетей»).

**ТАБЫТ** Өлгөн адамдын сөөгүн салуучу, сөөгүн салып көтөрүүчү атайлап жасалган такта. *Күн эрте бешим кезде кепинге алып, табытка салып, он чакты адам Дарыяхандын сөөгүн көтөрүп жөнөп калышты* (Жантөшев).

**ТАБЫШ I дабыш** менен бирдей. *Сырттан киргендердин табышын угуп, апасынын келгендигине ынангандан кийин мемиреген бейкапар таттуу уйкуга кетти.*

**ТАБЫШ II тап** этишинин кош мамилеси. 2. Иштеп тапкан эмгек акы, табылга. *Сыйкы, балам, окуп алган окшойсуң, Акчаң канча бир айдагы табышың?* (Токомбаев).

**ТАБЫШ III** Жарашуу, элдешүү, араздашпай калуу. *Эки тууган урушат, Эртесинде табышат. Барпы аке, мен сени менен табышканы келдим* («Ала-Тоо»).

**ТАБЫШКЕР** Көп иштеп тапкыч, көп киреше кийиргич, тапкыч. *Табышкер, сарамжалдуу жигит. Өзү – дыйкан табышкер, Ойлонбогон өткөндү* (Тоголок Молдо).

**ТАБЫШМАК** 1. Чечүү, жообун ойлоп табуу үчүн түзүлгөн, көбүнчө ыр сыяктуу уйкалышып келген кыска текст. 2. Сыры жашыруун, белгисиз. *Мен үчүн Веранын мамилеси азырынча табышмак эле* (Шимеев). *Табият кыйын, табышмак, Таң калам дайым карасам* (Токомбаев). *Көңүлүмдү табышмак сезим басат, Көздөрүңдөн аткан ок көзүмдү ачат* (Чотурова).

**ТАБЫШМАКТАТ** Табышмактуу кылып, ачык эмес, сырдуу, купуя айтуу. *Табышмактатып оюн ачык айтпай койду.*

**ТАБЫШМАКТАТУУ табышмактат** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАБЫШМАКТУУ** Ачык эмес, сыры ачылбаган, жашыруун. *Ошондогу табышмактуу сөздөрүңүздүн жандырмагын айтыңызчы* (Жантөшев).

**ТАБЫШМАКТУУ АЙТЫШ** *адаб.* Акындардын бири-бирине табышмак айтып, анын жандырмагын экинчисинен талап кылган беттешүүсү.

**ТАБЫШТА** Дайындоо, дайындап тапшыруу. *Шамбет сени өзүмө табыштады* (Сыдыкбеков). *Ушул жерден жылба деп, Улам-улам табыштап* («Манас»).

**ТАБЫШТОО табышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАВТОЛОГИЯ** *адаб.* 1. Бир эле аныктаманы же далилди кайра-кайра аныктап, көрсөтүп берүү. 2. Далилдөөнү, аныктоону талап кылбаган, мурдатан эле белгилүү түшүнүктү кайра түшүндүрүп кирүү, кайталоо.

**ТАВТОЛОГИЯЛЫК УЙКАШ** *адаб.* Уйкаштыкта бир эле сөздүн кайра-кайра кайталанышы. *Кийим согуп түр кылат, Кирген бир үйүн гүл кылат. Кажары согуп гүл кылат, Кармаган үйүн гүл кылат* (Элдик ыр).

**ТАГА** 1. *диал.* Таяке. *Эне өлгөндөн кийин тага издейби? Отурсаң, таажеңе, тагам өлгөндөн бери капа болуп жүрөсүң* (Жантөшев). 2. Жалпы эле эненин төркүн жагы. *Ошолордун баары мага тага болот.*

**ТАГАНАК** *аңч.* Шумкардын бир түрү.

**ТАГДЫР** Турмушта адамдын эркинен тышкары боло турган, ар бир адамдын бешенесине буюрган, башынан өткөрө турган окуя, жазмыш. *Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз, Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас* (Осмонов). *Ак тагдыры акыр – деп* («Манас» С.О.). *Тагдырда болсо ким көрбөйт, Ажалы жетсе ким өлбөйт* («Манас»). *Тагдырыма кудурет, Талап кылам жалбарып* (Казыбек). *Опуртал тагдыр акынга асти берилбе! Оңой күн көрүп, ойногон жокпуз өмүрдө* (Мамазаирова). *Кабылып каталл турмуш бороонуна, Тагдырдын ачуу даамын татканымды* (Байгазиев).

**ТАГЫЛ так** этишинин туюк мамилеси.

**ТАГЫН так** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАГЫШ так** этишинин кош мамилеси.

**ТАЕЖЕ** Энесинин эжелери жана синдилери. *Кадыркеч кишим таежем, Калбадың чыгып эсимден* (Үсөнбаев).

**ТАЕКЧИ** *туурасы:* **даекчи.** *Канчалык башка аттардан мурун келди, Таекчи чыкты деген белги берди* («Эл адабияты»).

**ТАЕНЕ** Эненин энеси. *Үчөө жүргөн ээрчишип Таененин үйүндө* (Барпы).

**ТАЁО тая** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЖА** Жадоо, кызык көрбөй, көңүлсүнбөй калуу, айласы кетүү, убара болуу. *Колхозубуздун жетекчилерине айта берип өзүбүз да тажадык, аларды да тажаттык* («Чалкан»). *Коңкаргаев баладан тажап, эч сөз таап айта албайт* (Сыдыкбеков).

**ТАЖААЛ** 1. Диндик түшүнүк боюнча: акыр заман болгондо чыга турган ажыдаар. 2. *өт.* Ажаан, албуут, бейжай. *Ала албадым өчүмдү Ач тырмак зулум тажаалдан* (Токтогул).

**ТАЖААЛДЫК** Албууттук, ажаандык, бейжайлык. *Өлүмгө кыйып Төштүктү, Тажаалдыгы бар бекен* («Эр Төштүк»).

**ТАЖАТ тажа** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЖОО тажа** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЖРЫЙБА** 1. Турмуш, практика жүзүндө өздөштүрүлгөн билимдин, көнүгүүнүн, такшалуунун, машыгуунун жалпы жыйындысы. *Алдынкы тажрыйбаны жайылтууда басма сөз чоң роль ойнойт. Таалайы кең жеңеке, Тажрыйбаңда береке!* (Нуркамал). 2. Илимий иштер үчүн белгилүү шартта жүргүзүлгөн текшерүү, байкоо, эксперимент. *Малик диссертациялык темасына байланыштуу тажрыйба иштерин жүргүзүү үчүн Москвага жөнөөгө камынып жаткан.*

**ТАЖРЫЙБАЛУУ** Тажрыйбасы бар, такшалган. *Эргеш далай кыйынчылыктарды башынан өткөргөн, тажрыйбалуу киши* (Жантөшев).

**ТАЖРЫЙБАЛЫК тажрыйбага** таандык.

**ТАЗ** 1. Чачты жыдытып түшүрө турган жугуштуу жара жана ушундай оорусу бар адам. *Баланы мээнет чырмаса, Жетим калып, таз болот* (Токтогул). *Тандаган казга жолугат* (макал). 2. Чачы жок адам. *Таз тарангыча той таркайт* (макал).

**ТАЗ КАРА** Башында жүнү жок чоң кара жору.

**ТАЗ КАРЫН** Жылкынын картасына улай келген, бетинде быдыры болбогон кичинекей карын. *Сууткaны тоо кызыл, Таз кардын чөпкө толтуруп* («Сейтек»).

**ТАЗ КЕЙПИН КИЙҮҮ** Мурдагы абалына, калыбына түшүү, мурунку кебетесине келүү, мурдагысы кайталануу (көбүнчө терс кылык-жоруктарына карата). *Эсирген неме баягы таз кейпин кийип, талаада каңгырап жалгыз калды* («Жомоктор»). **В.: Таз кейпине келүү.** *Бактылуу турмуш көз ачып-жумгуча былунуп, эзелки таз кейпине келишти* (Каимов).

**ТАЗА** 1. Кирсиз, булганч эмес. *Үй ичи күзгүдөй таза. Талкалап буудай тактасын, Эң асылын, тазасын* (Осмонов). 2. Нака, нагыз, тунук, ачык. *Таза алтын эмес го. Балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып, абага көтөрүлдү* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Ак, иши ак ниет, күнөөсүз. *Таза жерден кармалып, Кайран баш элден сүрүлдү* (Токтогул). 4. *өт.* Соо, оорусу жок, мас эмес. *Тазасыңбы деги, же келесоо болуп калгансыңбы* («Чалкан»), 5. *өт.* Таптакыр, өтө, абдан. *Таза кечип малымдан, Өлүп кетем арымдан* («Эр Төштүк»). *Таза келесоо экен да.* 6. Эң мыкты, улук. *Таш сайынган калмактын, тазасын сойгон жери бар* (фольк.).

**ТАЗАААРЧЫГАН ПИЯЗДАЙ** *к.* **аарчыган пияздай.**

**ТАЗА КАНДУУ** Асыл тукум. *Таза кандуу, тайкы жал, Тайлары зоот чалышкан* (Осмонкул).

**ТАЗАЛА** 1. Таза кылуу, кирин кетирүү; ыпыр-сыпырдан, чөп-чардан арылтуу. *Бүткөн бойдун баарысын, Тазалап жакшы жуудурду* («Курманбек»). *Кызылча, буудай, арпанын, Тазалап чөбүн тергиле* (Осмонкул). 2. Жоготуу, жок кылуу, четтетүү, курутуу. *Бейбашты четтен айдап тазалады, Бирдиктүү биздин элдин балбандары* (Осмонкул).

**ТАЗАЛАН тазала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАЗАЛАТ тазала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЗАЛОО тазала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЗАЛЫК** 1. Таза болгондук, кирсиз, таза алып жүрүүчүлүк. *Тазалык сактоо. Үйдүн тазалыгы.* 2. *өт.* Ак ниеттик, иши актык, жаман, бузук ишке аралашпагандык. *Мээнетинин тазалыгын көргөндө, Четтеп адам жарыктык ай дегендей* (Осмонов). 3. *сүйл.* Мектептин, класстын жалпы ички тартибин сактоо жана таза кармоо үчүн окуучулардан шайланган өкүл. *Эмесе, балдар, жылдагыдай эле класском, тазалык шайлайлы.*

**ТАЗАР** Таза болуу, тазалануу.

**ТАЗАРТ тазар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЗАРУУ тазар** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЗКЕЛДЕК** Канаттуунун түрү.

**ТАЗМАЛ** Кир таптагыч, жуулган кирдин бырышын жасуучу аспап.

**ТАЗМАЛДА** Таптоо, бырышын жазуу. *Асыл жүк бурчунда кир тазмалдоо менен алек* («Эркин Тоо»).

**ТАЗЫ** Тайган. *Алтын каргы тагылган, Тазы боло калганы* («Манас» С.О.).

**ТАЙ I** Эне жагынан болгон тууган-туушкан. *Жаман тайын таанымайт* (макал).

**ТАЙ II** 1. Бир жаштан өткөн бодо мал. *Тай торпок. Тай бука. Тай тайлак. 2.* Бир жаштан өткөн жылкы. *Дарыя агат сай менен, Бээнин көркү тай менен* (Токтогул).

**ТАЙ III: тай-тай** Жаңыдан тамтуң басып калган же басайын деп келаткан баланын басуу аракетин кубаттоо, эркелетүү учурунда колдонулат.

**ТАЙ IV** 1. Тайгалануу, сыйгалануу, жылмышып кетүү. *Бут тайып кетсе, Дарыяга түшөт да жок болот* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Мурдагыдай болбой калуу, начарлоо. *Күкүгүң кетти дегенге, Күчүмдөн тайып турамын* (Токтогул). *Эсинен тайып турганда, Эшмамбет болду арачы* (Токтогул).

**ТАЙ V** Чикит оюнунда, деги эле башка оюндардагы партия, айлампа. *Бир тай бердим.*

**ТАЙ КАЧЫРБАС БОЗ АЙГЫР** *диал.* Элин бүлгүн-чачкынга учуратпаган, эл үчүн дайыма кам көргөн, кең пейил, калыс деген мааниде. *Ошон үчүн элине карамдуу,*

*кара кылды как жарган калыс, кечиримчил, пейли кең журт атасын «тай качырбас боз айгыр» деп коёт* (Касымбеков). *Болсоң ошо «тай качырбас боз айгыр» бол* (Касымбеков).

**ТАЙ ТАЛАШ** 1. Кандайдыр бир маселе боюнча бир пикирге келише албоо, так чечим чыгара албоо деген мааниде. *Каралган айрым маселелер көпкө чейин чечилбей тай талаш бойдон калууда* («Кыргыз Туусу»). 2. Бирибиринен калышпай, тең жүрүп келүү.

**ТАЙ ТОРПОК** Экинчи жылга караган эркек торпок.

**ТАЙ ЧАБЫМ** Аралык чени, болжол менен 1,5–2 *км. Ийри-Суу суусун жээктей, аралык тай чабым 6–7 түтүндөн жанаша конгон* (Абакиров). *Жолчулардын кыштоосу ушу жерден көрүнүп турат, арасы тай чабым жер* (Элебаев). **В.: Тай чабыш.** *Аткан огу саадактын, Тай жарышым жетти – деп* («Манас» С.О.).

**ТАЙБАС** Жолборстун өзүнчө түрү. Эпос боюнча жолборстун чоңу, күчтүүсү. *Кылыч куйрук тайбасы* («Манас» С.О.).

**ТАЙГА** Жапайы, аралап өтүүгө абдан кыйын болгон ийне жалбырактуу чер токой. *Сибирдин түпкүрүндө терең тайга, Жүрдүңүз ошол жерде таппай айла* (Турусбеков).

**ТАЙГАК** 1. Сыйгалак, тайгалак, тайып, тайгаланып кетме. *Тайгак тар кыядан коркуп, күрөң бээ сүрдүгүп кетти* (Убукеев). 2. *өт.* Кыйын-кысталыш, турмуш, тиричилик жолундагы кыйынчылык. *Жолдош болбо айгакка, мүдүрүлтөт тайгакта* (макал). *Дароо келбейт бакыт деген адамга, Адаштым мен тайгак жолдо, – кеч дебе* (Акматалиев).

**ТАЙГАЛАК тайгак** менен бирдей.

**ТАЙГАЛАН** Тайып, сыйгаланып кетүү. *Мергенчи аң уулаган, Тайгаланып баса албай, Тар жолдордон куланган* (Убукеев).

**ТАЙГАЛАНТ тайгалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙГАЛАНУУ тайгалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙГАН** Аңчылык ишинде пайдаланылуучу күлүк ит. *Тайган агытып, түлкү тиштеткенди да көрдүм* (Сыдыкбеков).

**ТАЙГҮЛҮК** *диал.* 1. Тоо, адырдын боору менен таш кулатып ойногон балдардын оюну. 2. Жөө жарышып ойногондук.

**ТАЙГЫЛ** Таюу, сыйгалануу, жаза басуу. *Астындагы Тору чаар, Тайгылган жок бийиктен* («Манас»).

**ТАЙГЫЛТ тайгыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙДА ТАМТЫГЫ ЖОК** Эскирген, тытылган, керектен чыккан (кийим-кече, буюм-тайымга карата). *Бир аз жүргөндөн кийин тайда тамтыгы жок кара алачык көрүндү* («Жомоктор»). *Үстүндөгү кийиминин тайда тамтыгы жок, буту жылаң аяк, үлдүрөгөн алсыз аял үйгө жөлөнүп отура калды* (Элебаев).

**ТАЙДЫР тай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙДЫРГАН** Тегиздеген, жылдырган.

**ТАЙКАР** *диал.* Бир жаштан өткөн эшек.

**ТАЙКЫ** 1. Кыска, тыкыр. *Аркар моюн, асыл тукум жаныбар, Жүнү тайкы, тукабадай кубулган* (Осмонкул). Эни тар, энсиз. *Баркыттын эни тайкы болот.* 2. *өт.* Терең эмес, үстүртөн, чолок. *Келечегин тайкы ойлоп, Карманып оозун жүрбөсүн* (Жантөшев). *Учарга канат кайкы экен, Чын таалайым тайкы экен* («Сейтек»).

**ТАЙЛАК** 1. Бир жаштан өткөн төө. *Асый каймал, тай тайлак, Астыңдан чыгып тайтаңдап* («Семетей»). *Жалгыз тайлак боздойт дайым түшүмдө, Терезеге туруп алып үйүмдө* (Байгазиев). 2. *диал.* Тестиер бала. *Эй тайлак, чаап барып жанагы кишини чакырып кел.*

**ТАЙМ-АУТ** 1. *спорт.* Спорттук оюнда, мелдеште тренердин өтүнүчү боюнча (оюнчулар эс алганга) тыныгуу. 2. Окууну, ишти убактылуу токтотуу, тыныгуу.

**ТАЙМАН** Тартынуу, батына албай, жүрөгү даабай коюу, ийменүү. *Ишке тайманбай киришүү. Тайманбай бетке айтуу.*

**ТАЙМАНБАС** Тартынбас, жүрөктүү, коркпос. *Тайманбас жүрөгүндө кайраты бар, Мамбет да өзүнчө бир сырттан белем* (Турусбеков).

**ТАЙМАНУУ тайман** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙМАШ** Кармашуу, күрөшүү. *Минута сайын өлүм күтүп турса да, Сен таймаштың, азаттыктын күнү үчүн* (Токомбаев).

**ТАЙМЕР** Кандайдыр бир аракет, кыймыл, процесстин башталуу, аяктоо мөөнөтүн автоматтык түрдө белгилеп коюуга мүмкүндүк түзүүчү тетик. *Кир жуугуч машинанын таймери.*

**ТАЙМАШУУ таймаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙПА** 1. Урук, уруу. 2. Бөлүм, бөлөкбөлөк, тарам-тарам. *Алтын тайпа тараган* («Манас» С.О.). 3. Жука кездеме. *Тайпа жоолук.*

**ТАЙПАГАЙ** Тайпайган жазы, жайык. *Асанбай береги сол кол жакта жаткан тайпагай жылганын оозун көздөй кетти* (Байтемиров).

**ТАЙПАК** Жайык, түз, тегиз. *Жар башындагы кичинекей тайпакта жума сайын базар болчу эле* (Сасыкбаев).

**ТАЙПАҢ тайпак** менен бирдей.

**ТАЙРАКТА тайраңда** менен бирдей

**ТАЙРАҢДА** 1. Буттарын чалыштатуу, түз баспоо. 2. *өт.* Опсузданyy, орунсуз эркелөө. *Эрке үйрөнгөн бай кызы, Масчылыкта тайраңдап* (Маликов).

**ТАЙРАҢДАТ тайраңда** этишинин аркылуу мамилеси. *Мырза аке жалгызым деп*

*уулун ашкере тайраңдатып эрке өстүргөнүнө бармагын тиштеп катуу өкүндү* («Ала-Тоо»).

**ТАЙРАНДОО тайраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙСАЛ тайсалда** менен бирдей. *Бардык ишке күчүңөрдү бердиңер, Жардамдашып бир тайсалбай келдиңер* (Турусбеков).

**ТАЙСАЛДА** Түз айта албоо, жооткотуу, жалтактоо. *Атай дагы да болсо оюн шыр айта албай тайсалдады* (Каимов).

**ТАЙСАЛДАТ тайсалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙСАЛДОО тайсалда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙТАЙ** Эки бутту бири-биринен алысыраак коюп туруу. *Кемегенин башында Жаш балдар турат тайтайып* («Мендирман»).

**ТАЙТАЙЛА** «Тай-тай» деп жаш баланы басууга үйрөтүү, жетелеп бастыруу. *Тайтайлап сени ойнотуп, Турбады атаң жаныңда* (Маликов).

**ТАЙТАЙЛОО тайтайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙТАК** Тайтайган, тейтейген (көбүнчө бутка карата).

**ТАЙТАКА** Тайдын туягынан жасалган өтүктүн сыртынан кийилүүчү буюм. *Тайтака боон үзүшүп, Тайтараңдап жыгылып* («Эл адабияты»).

**ТАЙТАКТА** 1. Тайтаңдоо, тайтаң-тайтаң этүү. 2. *өт.* Обу жоктонуу, обу жок эркелөө.

**ТАЙТАКТАТ тайтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙТАКТОО тайтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙТАЛАШ** Теңтайлаш, катарлаш, тең талашкан. *Өлүм менен тайталаш, Жолго түштү эр Манас* («Манас»).

**ТАЙТАҢ-ТАЙТАҢ ЭТҮҮ** 1. Буттарын чалыштатып, тайтактап жүрүү. 2. Обу жоктонуу, обу жок эркелөө.

**ТАЙТАҢДА тайтакта** менен бирдей.

**ТАЙТАҢДАТ тайтаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЙТАҢДОО тайтаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЙТУЯК** 1. *эск.* Ири акча бирдиги. Жамбынын түрү. Тайдын туягы сымал кылып уютулган күмүш акча. *Тайтуяктан онду алды* («Манас» С.О.). 2. **тайтака** менен бирдей.

**ТАЙФУН** Аябаган күчтүү куюн.

**ТАЙЧУНАК** *диал.* Бээ сойгондо ичинен чыккан баласы. *Тайчунак этин жешиптир.*

**ТАЙЫ I тай IV** менен бирдей.

**ТАЙЫ II** Сыйынуу, курмандык чалып табынуу. *Кечээ ак күмбөз тайып барганда, Канчоро чочко жат чыгып* («Семетей»).

**ТАЙЫЗ** Терең эмес, тайкы, бийик *эмес. Катуу келдим, минген атым кара кер, Сурдүү кең Түп, Тайыз жериң кайсы жер?* (Осмонов).

**ТАЙЫН тайы II** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАК I** Темгил-темгил из, бир нерсенин изи билинип турган орду. *Майдын тагы. Кирдин тагы. Колунун тагы түшүп калуу.*

**ТАК II** Хандын, падышанын бийлик (сурак) жүргүзүп, кабыл алып отура турган, коздолгон жана көтөрүңкү жайга орнотулган орду. *Такты минди астына* («Манас» С.О.). *Тегереги чынар бак, Ортосунда алтын так* («Эр Төштүк»). *Алтын такка чыга тур, Аз гана сабыр кыла тур* («Эл адабияты»). 2. Хандын, падышанын бийлиги, бийлик абалы. *Падыша кулап тагынан, Башынан бакты жылган жер* (Үмөталиев).

**ТАК III** Жуп сандын карама-каршысы, жуп сан менен алмашып келүүчү (мис.: 1, 3, 5, 7 ж.б. ).

**ТАК IV** 1. Дал, нак. *Күн так чокуга келип, өзүнүн жалындуу нурларын төгүп турат* (Абдукаримов). *Эзелден элим көксөгөн, Эркиндик заман так ушул* (Бөкөнбаев). 2. Даана, ачык. *Так сүйлөө. Комузду күүлөп бүтүп, Майлыбайдын күүсүн так-так кайрып чертти* (Бөкөнбаев).

**ТАК V: так этүү** Катуу нерсеге тийип, урунуп дабыш салуу.

**ТАК VI** Жылкыны токтоткондо, жоошутууда колдонулуучу сөз. *Так, ай кула, тебинбе, Сут беруудөн эринбе!* (Осмонов). *Сур ойт берип кошкурганда, Нур акең «так-так» деди* (Токомбаев).

**ТАК VII** 1. Кадоо, илүү. *Топчу так. Орден так.* 2. *өт.* Тапшыруу. *Бул милдетти эл тагат, партия тагат* (Сыдыкбеков).

**ТАК VIII** 1. Жалгыз, жалгыздыкта. 2. Күйөөгө чыкпай. *Асманга айтып арманын, Ачылган гүлү дагы өчөр. Ай нурун жерге жашырып, Ааламдан кызың так өтөр* («Эл адабияты»).

**ТАК IX** *диал.* Жүзүм, жүзүмдүн сабагы.

**ТАК КАТУУ** 1. Кургоо, абдан кургап кетүү. *Таңдайым так катып, тилим курмөөгө келбей бара жатат.* 2. Эч нерсеге жетпөө, такыр куру калуу. *Кыздарың актан так катышат.*

**ТАК КАТЫРУУ** 1. Колунан эч нерсе чыгарбай тыкыйтуу, какшытуу, куру калтыруу. *Бир жыл бою акча бербей аны так катыралы деп сүйлөшүштү* («Ала-Тоо»). 2. Эч моюн бербей айласын кетирүү, оозун аппак кылуу, эч унчукпас кылуу. *Андай айтса да, мындай айтса да макул болбой так катырды* («Ала-Тоо»).

**ТАК КЕСЕР** Биротоло, өзгөргүс, кайталангыс деген мааниде. *Ошентип, калайыкка так кесер бүтүм чыгарган манап катары даңазасын жайылтканына корстон* (Бейшеналиев). *Ичинен ойлонуп, так кесер бүтүмүн чыгара албай чайналды* (Ашымбаев).

**ТАК КЕСҮҮ** Бир жолу, өзгөртүлбөй, экинчи кайрылбай тургандай тыянакка келүү. – *Сооронбай Тыныбекке так кесип эскертти* (Бейшеналиев). *Ал өз токтоолугуна сыйынып, жеке так кесип бүтүм чыгараарда оёндору ичтеринен канчалык чебеленишсе да, сыртынан тымтырс* (Бейшеналиев).

**ТАК ӨТҮҮ** 1. Абдан таза, эч күнөө кылбай өтүү. *Өмүрүндө так өткөндөр жок дейсиңби (*«Чалкан»). 2. Үйлөнбөө, күйөөгө чыкпоо, өмүр бою бойдок жүрүү (аялга жана эркекке карата). *Жашы кыркка чыкса да эмгиче үйлөнбөдү, так өтөбү деп корком,* – *деп атасы капаланды* («Ала-Тоо»). **В.: Дүйнөдөн так өтүү.** *Чын эле дүйнөдөн так өтөмбү* (Каимов).

**ТАК СЕКИРҮҮ** Макул болбоо, эпке көнбөө, жуутпоо, каршы туруу. *Сен айтканга көн, так секире бербегин,* – *деди* («Ала-Тоо»). *Укканда так секирип кетти. Таанышa элек жатып, оюн ачык билдирген кандай неме деп так секирипмин.* **В.: Так текедей түйүлүү.** *Аны уккусу келбей, так текедей түйүлдү* («Чалкан»). **Так түйүлүү.** *Чоң энем мен айтканды уккусу келбей так түйүлдү* («Ала-Тоо»).

**ТАК ТЕКЕ** Жипке туташтырылган жана жипти тартып секиртип ойнотуу (көбүнчө комуз чертkende) үчүн жыгачтан жасалган текенин сөлөкөтү.

**ТАКА I** 1. Ташыркабоо, тайгаланбоо үчүн аттын же эшектин, качырдын туягына кагылуучуиймек темир. *Андрей алды менен така жасады* (Байтемиров). *Төрт аягында такасы жок күлүктү музга чапсаң, байге албайт, ал талпагын жаят* (Сыдыкбеков). 2. Бут кийимдин таманынын согончок жагына бийиктелип жасалган жери жана ошого кагылуучу темир. *Өтүктүн такасы. Бийик така бут кийим..*

**ТАКА II** Барча, бөлүк, даана, кесим. *Бир така шайы.*

**ТАКА III: така-така, така-так** Такылдап ритм менен чыккан дабыш. *Така-така, так-так, Шака-шака, шак-шак Качкын жолдон дегендей* (Турусбеков). *Така-така жер арытып айланып Ажырабай чиркелишип байланып* (Бөкөнбаев).

**ТАКА IV** 1. Жабыштыра, таяй коюу, кептелтүү, тирөө. *Устундун астынан такап турган тирөөч. Токтогул эки муштумун чекесине такап, боортоктоп сунала кетти* (Токомбаев). *Тамга такап сабай турган болду* (Сасыкбаев). 2. Бир нерсеге байланыштыруу, далилдүү кылуу. *Жүйөөгө такап сүйлөө. Фактыга такап далилдөө.*

**ТАКАЙ I** Эшектин баласы.

**ТАКАЙ II** 1. Дайым, дамамат, ар дайым. *Бектай кичинесинен бери жай-кыш таятасыныкында такай жүргөн* (Бейшеналиев). *Такай иш үстүндө болуу.* 2. Удаа, жакын, чукул. *Артынан такай жүрүп отуруу. Түбүнөн такай кыркуу.*

**ТАКАЛ така** этишинин туюк мамилеси.

**ТАКАЛА** Така уруу, така кагуу. *Дайыр аке атты такалаганга уста.*

**ТАКАЛАТ такала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКАЛОО такала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКАЛУУ** 1. Такаланган, така урулган, такасы бар. *Жолоочулардын аттары такалуу болсо да, ташыркаган сыяктуу бүжүрөшөт* (Каимов). 2. Өкчөлүү, такасы бар (бут кийимге карата). *Такалуу өтүк. Такалуу туфли.*

**ТАКАЛУУДАН ТАЙ КАЛБАЙ** Чоң-кичине, кары-жаш дебей, эч кимиси калбай, бүт, бардыгы чогуу. *Кулагын түрүп араң турган кишилер айыл-айылдан, кокту, өзөндө жалгыз аяк жолдорун таптап, бирине бири удаа аттуу-жөөлүү болуп, такалуудан тай калбай чубай келишет* (Сыдыкбеков).

**ТАКАНАК** *аңч.* Күйкөнүн кырааны.

**ТАКАНАК ЖҮН** *аңч.* Куштун бут жүнү.

**ТАКАНЧЫК** Таяныч, жөлөк, тирек. *Карылуу балдардын үч-төртөө Ашымга таканчык болушту* (Сыдыкбеков).

**ТАКАНЧЫКТА** Жөлөнүү, таянуу. *Таканчыктап басуу. Таканчыктап тура калуу.*

**ТАКАНЧЫКТОО таканчыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКАТ I** Туруштук, чыдамдуулук. *Эч кандай күч чыдап такат кыла албайт, Эр жоокерге эл тагдырын бергенде* (Токомбаев).

**ТАКАТ II така** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКИЛИК таклип** менен бирдей. *Менде бир такилик бар.*

**ТАКЛИП** Сунуш. *Кимде кандай таклип бар? Тээ ээн турган жаман тамды оңдоп, мектеп ачалы деген таклип бар* (Айтматов).

**ТАКМАЗА** Күйдүргү, куйкумдуу. *Акинай кыз эми такмаза сөзгө салды* (Убукеев).

**ТАКМАН** *диал.* Бөлмөнүн ичиндеги оюк. Көбүнчө ага жууркан-төшөк, үй эмеректери коюлат.

**ТАКМЕ** 1. Таяныч, таянгыч. 2. Чыканактоо. 3. *диал.* Ичине пахта салган таянгыч жаздык.

**ТАКМИН I** Болжол, болжоо. *Мына, такминим туура чыкты. Чырдын түйүнү баягы сынган комуз экен* (Касымбеков).

**ТАКМИН II** Камсыз кылуу, камдап салуу. *Таалайымы такминдеп салгандай* (Касымбеков).

**ТАКОО така** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКООЛ** Туруштук, каршылык кылуучу күч. *Жарамсыз, жалгыз күч менен жаадай болгон төртөөнө такоол кылуу кайда?* (Жантөшев). *Дегенине көнгүн деп, Такоол болуп бергин деп* («Эр Төштүк»).

**ТАКСА** 1. *экон.* Тарифтердин, баалардын, төлөмдөрдүн так белгиленген деңгээли. 2.

Карапа чөйчөк, карапа аяк. *Бир такса палоо жедим.*

**ТАКСИ** Жүк же адамдарды ташый турган жалданма машина.

**ТАКСОНОМИЯ** *биол.* Айбанат дүйнөсүн классификациялоо, системалоо теориясы.

**ТАКСЫМ** Бөлүү (эсепте). 1920-жылдары колдонулган термин.

**ТАКСЫР** Бийликтеги адамга, мырзаларга урматтоо, ызат кылуу иретинде айтылган сөз. *Бермет болду сиздики, О, таксыр кан, ырысыңыз бар экен* («Эл адабияты»). *Макул болот, таксыр хан, Жумшасаңыз барайын* («Мендирман»).

**ТАКТА I** 1. Жыгачтан жүк жыюуга ылайыктап узун стол сыяктуу жасалган секиче. *Тактанын үстүндө мелтиреген жүк, анда түрдүү түстөгү жууркандар ала кийиздер* (Байтемиров). 2. Бир нерсеге ылайыкталып жасалган бети жазысынан келген тактай. *Камыр жая турган такта.* 3. Буудайдын тегиз баш алып, дүмбүлдөн өтүп калган мезгили. *Жайкалып чыккан буудайды, Такта буудай дечү элем* (Тоголок Молдо). *Көк тукаба эгин такта тартканда, Деңиз болуп толкуйт шамал басканда* (Токомбаев). 4. Кагаздын чарчы-чарчы келген барактары. *Чоң такта кагаз.*

**ТАКТА II** Так кылуу, аныктоо, айкындоо. *Кампанын эсеп-кысабын тактап жатам* (Бейшеналиев). *Тактап тыянак чыгарыша алышпады* (Жантөшев).

**ТАКТА КАТ** Илгери эски тартип окуусунда, биринчи жолу молдодон окуган балага ариптер (тамгалар) жазылып берилген жыгач калак. *«Алиппе» деп жазган калак жыгачка, «Такта катты» колго берген убакта. Тил да чоочун, кагаз да жок, кыйналып, Молдолордо болгон элем суракта* (Чоробаев).

**ТАКТАЙ** Жумуру жыгачтан (көбүнчө карагайдан) жукалап, эки жак бети тегизделип тилинген курулушка же ар кандай нерселерди жасоого керектелүүчү материал. *Алды тактай, айнектүү там. Жыгач уста вагондун алдына төшөлгөн тактайга мыкты житире кагып жатат* (Сасыкбаев).

**ТАКТАЙЛА** Тактай салуу, тактай төшөө, тактай коюу. *Асты-үстү тактайлап салынган там.*

**ТАКТАЙЛАН** **тактайла** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАКТАЙЛАТ** **тактайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКТАЙЛОО** **тактайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКТАЙЛУУ** Тактайы бар, тактай салынган. *Барактагы как тактайлуу, бойро төшөлгөн нардын үстүндө үйку анчалык таттуу болчу эмес* (Сасыкбаев).

**ТАКТАЛ** **такта** этишинин туюк мамилеси.

**ТАКТАПОС** Кой же эчки терисинен жасалган көлдөлөң.

**ТАКТАТ** **такта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКТАШ** **такта II** этишинин кош мамилеси.

**ТАКТЕКЕ** *муз.* Комузчулардын, өзгөчө темир комузчулардын чыгармаларында кеңири тараган (театрлаштырылган көрүнүштү камтыган) элдик күү. Күүдө жыгачтан коздоп жасалып, тактайга бекитилген кайберендер ойнотулуп чертилет. *Таңуулаба «тактекенин» ролун, Жетти мезгил, өзүмдү өзүм билейин* (Байгазиев).

**ТАКТИКА** 1. Согушту жүргүзүүнүн, аны даярдоонун амалы, ыгы, искусствосу. 2. *экон.* Алдыга коюлган максаттарга жетишүү үчүн экономикалык, ошондой эле социалдык, коомдук иштерде пайдаланылуучу каражаттар жана ыкмалар.

**ТАКТОО** **такта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКТООЧ** Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын ар түрдүү кырдаалын көрсөтүп, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөй турган сөз түркүмү.

**ТАКТУУ** Тагы бар, темгил-темгил изи бар.

**ТАКТЫ** **так II** менен бирдей.

**ТАКТЫК** 1. Дал келүүчүлүк, тууралык, аныктык, дааналык, ачык-айкындык. *Иштин тактыгы. Эсеп-кысаптын тактыгы.* 2. *өт.* Аныктык, тыкандык, жыйнактык. *Жаштайынан өзүн ак ниеттүүлүккө, калыстыкка, тактыкка, талбастыкка, эмгекке үйрөтүү керек* (Байтемиров).

**ТАКУУ** **такы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКШАЛ** Машыгуу, жакшы өздөштүрүү, маш болуу. *Ошентип, биздин кишилердин катарында мен да эмгекте такшалдым* (Сыдыкбеков). *Таалайы жонундагы келте бараң, Такшалып көптү билген көптү көргөн* (Бөкөнбаев).

**ТАКШАЛТ** **такшал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКШАЛУУ** **такшал** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКШЫ** **таңшы** менен бирдей.

**ТАКЫ** Бир нерсени кайра-кайра сурай берүү, кайра-кайра айтуу. *Каныбек абдан такып сурады* (Жантөшев).

**ТАКЫБАА** *дин.* Өзүн-өзү диндик тартипте бек кармаган, шарият жолу менен так жүргөн. *Үйүндө молдосу бар, шарият жолун жолдогон такыбаа киши* (Убукеев).

**ТАКЫЙ** *туурасы:* **такай.**

**ТАКЫК** 1. Так, так текшерүү. 2. *өт.* Катуу, тактык. *Поездге белет алууда, поездде бара жатканда документ текшерүү иши такык болгондуктан...* (Жантөшев).

**ТАКЫЛ** 1. Өтө кыйын, татаал. 2. Өтө кысынган абал. *Кыянат жолу такылдыр* («Семетей» С.К.).

**ТАКЫЛДА** 1. Так-так эткен дабыш чыгуу, так-так этип урулуу, кагылуу. *Элдин бардыгы тегиз жаткан учурда дарбаза такылдады* (Жантөшев). *2. өт.* Тыкан, бат-бат, так сүйлөө. *Такылда тилим такылда, Алтындай сөздөр акында* (Шүкүрбеков).

**ТАКЫЛДАК** Сүйлөгөнү өтө эле чыйрак, такылдаган. *Бая куну өтө эле такылдак, катуудай көрүнгөн Акимов мээримдүү, шайыр киши сыяктанды* (Бейшеналиев).

**ТАКЫЛДАТ такылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКЫЛДОО такылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКЫЛЕТ** Түбөлүк, түбөлүктүү, дайыма болуучу. *Берекелүү дыйкан суу, Туулган жердин баласы Такылетин карачы* (Барпы).

**ТАКЫМ** Тизенин ички жагы, тизенин бүгүлгөн ички тарабы. *Жума атынын чылбырын такымына кысты* (Жантөшев).

**ТАКЫМ АҢДУУ** Бирөөгө жамандык издөө, тымызын душмандык кылуу. *Сен мындан ары такым аңдыганыңды кой бала, – деп нечен жолу эскертти* («Ала-Тоо»). *Силер эмне, ооруган адамды дарылабай эле такым аңдышып калгансыңарбы?* (Бердикеев). **В.: Таман аңдуу.** *Анын артынан жүрүп таман аңдуу анын адаты* («Чалкан»). *Таман аңдып оокат кылат* («Ала-Тоо»).

**ТАКЫМДА** 1. Жете жүрүү; артынан түшүү, артынан калбоо. *Безилдеген Кумайык, Жетип калды такымдап* («Семетей»). 2. *өт.* Өтө эле тактап, сөз узатпай асыла берүү. *Жигиттердин жаманы – Сөз талашып такымдайт, Өзүнүн сөзүн макулдайт* (Барпы).

**ТАКЫМДАТ такымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКЫМДОО такымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКЫМЫ КҮЙГӨН** Өтө эле шыпылдаган, абдан куу, тапан. *Такымы күйгөн жигит тура, силерге алдатпай калсын* («Чалкан»).

**ТАКЫР I** 1. Эч кандай өсүмдүк өспөгөн, чөп чыкпаган. *Такыр жер. Такыр талаа.* 2. Чачы жок, түгү жок, такырайган. *Мусабек да атын такыр колтукка согончогу менен укуп алып, желе бастырып, кеп салды* (Сасыкбаев).

**ТАКЫР II** 1. Түк, эч бир. *Ушул жыргал доордо Такыр келбейт карыгым* (Осмонкул). *Жардам жок такыр булардан. 2.* Бүт, мүлдө, бүтүндөй. *Куздукту такыр аяктап, Кулукту минер бекенбиз!* (Осмонов). *Өзү жүрчү комбайн мурунку комбайндардан такыр башка* (Баялинов).

**ТАКЫРАЙ** Өсүмдүгү, чөбү же түгү, чачы жок, такыр болуу, такырга айлануу.

**ТАКЫРАЙТ такырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАКЫРАЮУ такырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАКЫРЧАҢ** Жылаңач, тасырайган.

**ТАКЫЯ** Кыздардын коздолгон (көбүнчө үкү тагылган) топусу. *Кызыл болсо жарашат Кыз башына такыя* (Сыдыкбеков). *Такыядан селкилдеп, Жибек саамай чубалды* (Бөкөнбаев). *Такыямды түшүрүп, Ак жоолук салдым башыма* (Жеңижок).

**ТАКЫЯЛУУ такыячан** менен бирдей.

**ТАКЫЯСЫНА ТАР КЕЛБӨӨ** Аздык кылбоо, акысы кетпөө, ыраазы боло тургандай өлчөмдө болуу. *Ушуну эле алса такыясына тар келбейт деп коюптур* («Ала-Тоо»). *Беш күндө жүз сом алса такыясына тар келбейт го деди* («Чалкан»).

**ТАКЫЯЧАН** Такыясы бар, такыя кийген. 2. *өт.* Күйөөгө чыга элек (кызга карата).

**ТАЛ I** 1. Бутактары ийилчээк келген, ичке жалбырактуу, бадал түрүндө да өсүүчү жыгач өсүмдүгү. *Ал экөөбүз тамдын, артындагы чоң талдын көлөкөсүн жамындык* (Сыдыкбеков). *Булбулдун көрку ачылат? Буралган кырчын тал менен* (Токтогул).

**ТАЛ II** Тарам-тарам болуп кеткен ичке нерселердин бир даанасы, айрым бир бөлүгү, бөлүнгөн бир тобу. *Жалгыз тал көкүл чачы өрүмгө кирбей, каш үстүндө үлпүлдөөдө* (Сыдыкбеков). *Беденин бир тал сабагын Амангкул кармап кирди* (Абдукаримов). *Улуу-Чаттын тоолору өмүр бою бетине беш тал чөп чыкпагандай кубарып турат* (Жантөшев). *Бир тал жүзүм.*

**ТАЛ III** 1. Эси ооп калуу, эс-учун билбей калуу. *Мен талып жыгылгандан кийин, бир канчалык убакыт өтсө керек* (Жантөшев). *Ат үстүнөн зил кусуп, Эр Олжобай талды дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Чарчоо, талыгуу. *Карай берип көз талды. Канаты талып алсырап, Конууну талга ойлоду* (Бөкөнбаев). *Талбадым таянганды сүйөгөндөн, Танбадым кимди болсо түшүнгөндү* (Сариева).

**ТАЛ КАРМОО** 1. Толук ишенүү, үмүт кылуу. *Атасынын тал кармаган уулу сен элең дегенде мен уяла түштүм* («Ала-Тоо»). *Тал кармап жүргөн кишиси Асан эле* («Ала-Тоо»). *Тал кармадым өзүңдү, Кабыл алдым сөзүңдү* («Жомоктор»). 2. Бет-бетинден тарап кет, бытырап кет. *Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма* (макал).

**ТАЛА** 1. Тиш салып жулкулдатуу, кабуу, улуп-жулуу (ит, карышкыр ж.б. карата). *Иттери талап, өлтүрүп коё жаздады* («Ала-Тоо»). 2. Чагуу, канын соруу (чиркей, чымын, аары ж.б. карата). *Аары талады. Чымын-чиркей талады.* 3. *өт.* Таламай кылуу, талоонго түшүрүү, жабыла таламай кылуу. *Чаап, талап жеп жүрүп, Букарадан айрылган Рыскулбектин беш каман* (Токтогул). *Кедей, сени туш-туш жактан талады* (Турусбеков).

**ТАЛАА** 1. Жайык, түз жер. *Дүңгүрөп жаткан талаага, Дүрбүсүн салып карады* (Бөкөнбаев). *Чүй талаасы.* 2. Баш кийим-

дин (мис. калпактын) тилкелери. 3. *инф.* Бир же андан көп сандагы байттар катары.

**ТАЛААДА ЖАТЫПТЫРБЫ?** Ар кимдин колунан келе тургандай, ар ким аткара алгыдай оной-олтоң, жеңил-желпи иш бекен деген сыяктуу таң калуу же бир аз жекирүү, кекетүү маанисинде колдонулат. *Андай болсо бул жарыкчылык дүйнөдө сый, урмат деген нерсе талаада жатыптырбы?* (Мавлянов).

**ТАЛААДА КАЛУУ** Куру калуу, иши оңунан чыкпоо, максаты орундалбай калуу. *Мен сага ишенип талаада калдым деп өкүндү* («Ала-Тоо»). *Кур сөзгө алданып талаада калганымды эми сездим* («Чалкан»). **В.: Талаага таштоо.** *Бош жүргөндө эмне, астыртан бирдеме таппасаң коммуна бул бойдон турса, талаага таштайт, – деп шыбырай сүйлөдү* (Ашымбаев).

**ТАЛААЛА** 1. Туш-тушка тарап кетүү, андаалап тароо, бытыроо, бет-бетинен басып кетүү. *Иш кылбай эле талаалап басып жүргөн ким экен?* («Ала-Тоо»). 2. Салаа-салаа болуп агуу, шорголоп агып туруу. *Кан талаалап акты. Көпчүлүгү жаш балдар, Көздүн жашы талаалап* (Тоголок Молдо).

**ТАЛААЛАТ талаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛААЛОО талаала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛААЛУУ** 1. Талаасы бар. 2. Тилкелүү, тилкеси жазы. *Талаалуу ак калпак кийген ким?*

**ТАЛААЧЫЛЫК** Дыйканчылык, айылчарба өсүмдүктөрүн өстүрүү, тейлөө иштери. *Талаачылыкта иштөө. Талаачылык менен алектенүү.*

**ТАЛАК** 1. Аялы менен күйөөсүнүн ажырашуусу, никени бузуунун шариятка ылайык кеңири тараган түрү. *Кутайдын кызы талагы* («Манас» С.О.). 2. *өт.* Кандайдыр бир нерседен өз каалоосу менен кечүү, баш тартуу. *Жөө тентип жолду баштады, Жоболоңдуу сансыз мүлк, Талак кылып таштады. Мендей болсун акмактар, Талак кылып эл жерин* (Жантөшев).

**ТАЛАК БАЙЫН** Экинчи баш кошууга уруксат кылынбаган талак. Муну – шарыятта – үч байын же үч талак деп атайт. *Бир кудайдан коркпогон, Катыны талак арамы* (Токтогул).

**ТАЛАК КАТ** *эск.* Күйөөсү менен аялы ажырашкандыгын ырастоочу документ. *Молдокелер аралашмайын зайып колуна талак катын ала албайт* (Сыдыкбеков).

**ТАЛАМ** 1. Максат, кызыкчылык, тилек. *Биздин талам улам алга баруу* (Сыдыкбеков). *Жумушчу табынын таламдары. Жамандын таламын талашам деп, жакшы менен араз болбо* (Сыдыкбеков). 2. Талап. *Сабыр кадрлар бөлүмүнүн алдына бир катар таламдарды койду* (Сыдыкбеков).

**ТАЛАМАЙ** Талап, тоноп алуучулук, талоон. *Таламай кылуу. Таламайга түшүрүү.*

**ТАЛАМАНДЫН ТАЛ ТҮШҮНДӨ** Күпкүндүз, чак түштө, эрте эле, жарыкта эле. *Таламандын тал түшүндө мындай болоорун кезиктирген эмесмин* (Жусуев). *Ой, укмуш, таламандын тал түшүндө эле кассаны тоноп кетишиптир* (Жусуев). *– А, сенин түлкүң таламандын тал түшүндө улуган тура! – деп, Сабыр Асылбекти тамашалады* (Сыдыкбеков). *А кеткетиң байкалып, башыңа кара булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың* (Касымбеков). **В.: Таламандын так түшүндө.** *Таламандын так түшүндө аны издеген мен да акмак экемин* (Даникеев).

**ТАЛАМДАШ** Таламы бир, тилектеш, максатташ, талапташ. *Ала-Тоонун уул-кыз, Ар кими мага таламдаш* (Маликов).

**ТАЛАН тала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАЛАНТ** 1. Табигый шыктуулук, өзгөчө мыкты жөндөмдүүлүк. *Акындык талант. Артисттик талант. Чыгармачылык талант.* 2. Ушундай таланты бар, таланттуу адам. *Жаш таланттар. Кыргыз искусствосунун таланттары. Таалайсыз махабаттан өксүнбөгүн, Талантты сүйгөндөрдүн эсиндемин* (Бегимкулова).

**ТАЛАНТТУУ** Таланты бар, шыктуу. *Талантуу акын. Талантуу сүрөтчү.*

**ТАЛАНТТУУЛУК** Таланты барлык, шыктуулук, өзгөчө жөндөмдүүлүк.

**ТАЛАП** 1. Аткарылышын көздөгөн маселе, иштин иштелишине умтулгандык, керек деп табуучулук. *Тартип жөнүндө коюп отурган талаптарына Каныбек абдан ыраазы болду* (Жантөшев). *Чаргын чечкиндүү талап кылды* (Сыдыкбеков). *Пахтаны терүү өтө көп эмгекти талап кылат.* 2. Тилек, максат, талам. *Талабыма жетерде, Тартып кетти бутумдан* (Казыбек). *Талабым сенде кудурет, Тайдырбагын баркымдан* (Казыбек). *Ар куштун алсам деген талабы бар, Ар аттын чыксам деген кадамы бар* (Осмонов). *Жыргалдуу жаштын талабы, Күн сайын өсүп артылган* (Токтогул).

**ТАЛАПКЕР** 1. Көздөгөн максаттын, тилектин аткарылышына дилгир, үмүткөр, тилеги бар. *Эмгекке талапкер. Окууга талапкер. Алыстан келген талапкер. Талап кылып байгеден, Аттарын салды жарышка* (Тоголок Молдо). *Ой ат байлаган саяпкер, Алыстан келген талапкер* (Калмырза). 2. **кандидат** менен бирдей.

**ТАЛАПТАШ** Талабы бирге, тилектеш, максатташ, таламдаш. *Жерибиз бирге канатташ, Элибиз бирге жаматташ, Бирге жайлап, бир жерлеп, Бир туугандбыз талапташ* (Осмонкул).

**ТАЛАПТУУ** Талабы бар, талапкер, үмүткөр. *Талаптуу киши бар болсо, Таштап бирин калтырба* («Эр Табылды»).

**ТАЛАС** *диал.* Куру жалак. *Тапканы талас, жыйганы жылас.*

**ТАЛАТ тала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛАШ I** 1. Бирдей болуп чыкпаган, ар түрдүү ойлордон, пикирлерден же келише албоочулуктан пайда болгон айтыш, тартыш. *Уюштуруу маселеси боюнча талаш-тартыштар көп болду* («Ала-Тоо»). *Бул талаш төгүнүнөн чыккан жок* (Бейшеналиев). 2. Ачык-айкын эмес, чечиле элек. *Азырынча бул иш талаш.*

**ТАЛАШ II** 1. Кандайдыр бир маселе боюнча же кандайдыр бир максатка байланыштуу тартышка түшүп айтышуу, тартышуу, өзүнүн оюн далилдөөнүн аракетин кылуу. *Ашым дагы эле болбой сөз талаша берди* (Каимов). 2. Белгилүү бир кызыкчылыкты көздөө, таламды, намысты жактоо. *Элдин таламын талашат. Намыс талашып, душманга бет алып кармашуу.* 3. Өз жагына алуу, өзүнө ыйгаруу аракетин кылуу. *Тамак талашып урушмак белек, Бул дүнүйөнү менден талаша тургандай кандай акың бар?* («Ала-Тоо»).

**ТАЛАШТЫР талаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛАШУУ талаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛГАК** Боюнда бар аялдын тамакка көңүлү келбей, белгилүү бир башка тамакты, даамды эңсеши, көксөөсү. *Күмөндүү талгак болуптур* («Манас» С.К.). *Тарасыма талгак болуп жүргөн жылы, ал киши бизге жакын коңшу эмес беле?* (Убукеев).

**ТАЛГАТ** Өң, кебете, келбет.

**ТАЛДА** 1. Тал-тал кылып бөлүү, бир-бирден бөлүү, ажыратуу, ылгоо. *Чирип калган чырпыктарды жалгыз талдап эптеп бүттүм* (Сыдыкбеков). 2. Изилдөө, анализ жүргүзүү. *Бүт келечек силердики, Талдап сырын чечкиле!* (Нуркамал). *Сабырдуулук менен ар бир ишти терең талдап, туура чечүүгө аракеттенди* («Ала-Тоо»).

**ТАЛДАТ талда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛДОО талда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛДЫР тал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛДЫРМАЧ КЫЗЫЛДУУ** Албырган, тамылжыган, кызылдуу (бетке карата). *Көзү карагаттай, жаагы субагай, бети талдырмач кызылдуу, аркар көкүрөк* (Жантөшев).

**ТАЛИСМАН** Ырым-жырымдык ишеним боюнча бакыт, ийгилик алып келүүчү буюм, зат, тумар.

**ТАЛКАЛА** 1. Бүтүн нерсени майдалоо, майдалап сындыруу, майда-майда сынык-ка, күкүмгө, майда бөлүктөргө айландыруу, кыйратуу. *Туз талкала. Таш талкала. Эски үйдү талкалап бузуу.* 2. Бүлүнтүү, таш-талканын чыгаруу, ойрондотуу, кырып-жоюу, жок кылуу.

**ТАЛКАЛАН талкала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАЛКАЛАТ талкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛКАЛАШ талкала** этишинин кош мамилеси.

**ТАЛКАЛОО талкала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛКАН** Куурулган жана жаргылчак-ка, тегирменге тартылып майдаланган дан, азык. *Арпа талкан. Жүгөрү талкан. Буудай талкан.*

**ТАЛКАН КЫЛУУ** *к.* **ташын талкан кылуу.**

**ТАЛКАН ЧАЛУУ** Кандайдыр бир маселени, ишти ж.б. тескери айландырып, бузуп салуу, ишти оңунан чыгарбай салуу. *Түндө иштин баарын талкан чалып келген турбайсыңбы?* (Тойбаев).

**ТАЛКАНДА** 1. Абдан майдалоо, быркыратуу. 2. *өт.* Кыйратуу, жок кылуу, талкалоо. *Менменсинген душманды, Талкандаган жүрөк бар* (Токомбаев).

**ТАЛКАНДАЙ ЧАЛУУ** Чакчелекей түшүрүү, кандайдыр бир ишти баш аламан кылуу.

**ТАЛКАНДОО талканда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛКАНЫН ЧЫГАРУУ** *к.* **таш талканын чыгаруу.**

**ТАЛКУУ I** 1. Жыгачтын кургай элек кезинде ийрисин түзөтүүчү аспап. *Уук, кереге турмандары тандалма талдан саратан ысыкта көлөкөдө кургатылып, талкууда түзөтүлүп маталган, атайын жошолонуп ышка тоборсутулган бир кылка, биринен бири айрымасыз кооз көрүнүп, үй ичине өзгөчө көрк берип турат* (Токтоналиев). 2. Тери ийлөөгө ылайыкталып жасалган курал.

**ТАЛКУУ II** Кандайдыр бир иш, маселе боюнча көпчүлүктүн пикирин, ойлорун сунуштарын угуу, ишке баа берүү, талдоо ж.б. максатта өткөрүлгөн жыйналыш. *Чогулушта кызуу талкуу башталды* (Каимов). *Отургандар Атабектин арызын талкууга ала баштады* (Жантөшев).

**ТАЛКУУЛА** 1. Терини талкууга салуу, талкууга салып ийлөө. 2. Ишти, маселени талкууга алуу, талкууга коюп сындоо, пикир алышуу. *Адабий чыгармаларды талкуулап туруу.*

**ТАЛКУУЛАН талкуула** этишинин өздүк мамилеси. *Алты мүнөт өтпөй айылга угулуп, талкууланып калат туулган жергеңде* (Сахгами).

**ТАЛКУУЛАТ талкуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛКУУЛАШ талкуула** этишинин кош мамилеси.

**ТАЛКУУЛОО талкуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛКЫ** Шор, жаман даам. *Тузду мээнет*

*чырмаса, Талкы чыгып шор болот* (Санат).

**ТАЛМА** Күтпөгөн жерден эси ооп, тырышып, диртилдеп жатып кала турган оору.

**ТАЛМООРСУ** Алсыроо, бүткөн бою салмактанып талыкшуу.

**ТАЛМУД** Байыркы еврейдин ыйык көргөн дин китеби. «Окуу, үйрөнүү» деген мааниде. Ал китеп биздин замандан үч кылым мурун түзүлгөн. Анда дин жөрөлгөлөрү, тиричилик эрежелери жазылган.

**ТАЛМУДИСТ** 1. Талмуддун айтканынан чыкпаган, талмуддун жолун жолдогон адам. 2. Сокур ишенүүчүлүк, ар кандай өнүгүп, өзгөрүүнү тануучу, сенек ой жүгүртүүчү. *Мугалим деген талмудист эмес, ал кайсы доордо болбосун дайым революциялык тарбиячы, антпесе анын коомго берген пайдасы кем болот* (Айтматов).

**ТАЛОН** 1. Бир нерсеге укук берүүчү контролдук кагаз. *Билетин чөнтөгүнөн ала салып, талонго белги коюп, кайра салды* (Токомбаев). 2. Документтин дүмүрчөгү.

**ТАЛОО** **тала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛООН** Таланган, таламайга түшкөн абал, талангандык. *Табылды элден кеткени, Талоондон эч ким чыкпады* («Эр Табылды»).

**ТАЛООНЧУ** Талап-тоноп алуучу, каракчы.

**ТАЛП** Салмактуу, жазы нерсенин жерге түшкөндө, жыгылганда чыккан дабышы. *Талп этип кулап түшүү. Жерге талп дей түшүү.*

**ТАЛПАГАЙ** Талпайган, жазы, жайык. *Талпагай бет.*

**ТАЛПАГЫН ТАШКА ЖАЮУ** Кыйратуу, талкалоо, жок кылуу, ташын талкан кылуу. *Душмандын талпагын ташка жайды* («Ала-Тоо»). *Талпагыңды ташка жайып, бээңди коштоп кетет* (Сыдыкбеков). *Таймашам деген жандардын талпагын ташка жайчудай* (Маликов). **В.: Талпагын ташка керүү.** *Талпагын ташка керейин, Кайратын эми көрөйүн* («Манас»). **Талпагын ташка илүү.** *Кудай силерге кубат берсе, Сооронбай болуштун талпагын ташка илериме ишенип койгула! – деди Айдарбек датка* (Жантөшев). **Тарпын ташка илүү.** *Биз сени куубаган, артыңан түшпөгөн күндө да элге бетиң кара болуп тарпың ташка илинет* («Ала-Тоо»).

**ТАЛПАЙ** 1. Жазы, жайык болуп көрүнүү, жалпаюу. *Тамандары талпайган.* 2. Эби-сыны жок, жалпайган көрүнүштө болуу. *Кементай кийип талпайган, Кер өгүз минип шалдайган* («Эр Табылды»).

**ТАЛПАК** Малдын, айбандын жерге салууга же жүн сабоого ылайыкталып кургатылган териси. *Аюу талпак. Кулундун талпагы.*

**ТАЛПАКТА** Эпсиз талпаңдаган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, талпаң-талпаң этүү.

**ТАЛПАКТАТ** **талпакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛПАКТОО** **талпакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛПАҢ: талпаң-талпаң этүү** Орунсуз, эпсиз көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Талпаң-талпаң этип чуркоо.*

**ТАЛПАҢДА** Талпаң-талпаң этип, орунсуз, эпсиз кыймыл-аракетте болуу. *Талпаңдап жүгүрүү.*

**ТАЛПАҢДАТ** **талпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛПАҢДОО** **талпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛПЫЙ** **талпай** менен бирдей.

**ТАЛПЫЛДА** Дайынсыз сүйлөө, баскантурганы орунсуз болуу, далпылдоо. *Тизесинен темтеңдеп, Ээсинен келтек жеп, Сен урган талпылдаган немесиң* (Токтогул).

**ТАЛПЫЛДАТ** **талпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛПЫЛДОО** **талпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛПЫН** 1. Учууга умтулуу, канат сермөө, күүлөө. *Ой абышка, абышка, Ак шумкар кечээ талпынды* (Жактөшев). *Канатын күүлөп талпынып, Каркылдап өрдөк, каз келди* (Осмонкул). 2. Эки колун сермеп умтулуу, обдулуу (отуруп калган кичинекей балага карата). *Энесин көрүп кичинекей бала эки колун сунуп талпына баштады* (Бейшеналиев). *Жеңишбек кубанып талпынат* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Алга умтулуу, илгерилөөнүн, өнүгүүнүн аракетинде болуу. *Эзилип көңүл куш болуп, Элиң алга талпынды* (Тоголок Молдо). *Канаты кеч жетилген кыраандай биз кеч талпындык* (Сыдыкбеков). *Тапканды тандап, жокту издеп, Талпынган кезде кезиктик* (Сариева).

**ТАЛПЫНТ** **талпын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛПЫНУУ** **талпын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛТАЙ** Эки буттун арасын кенен ачып, чатты керген абалда болуу. *Жигит бирөөнү күрөшкө чакыргансып, талтая туруп колун элге сунду* (Каимов).

**ТАЛТАК** Чаты ачык, талтайыңкы келген.

**ТАЛТАКТА** 1. Чатын кере, талтайып жүрүү, басуу. *Желинине сүт батпай, Баспай келет талтактап* (Калык). 2. *өт.* Орунсуз, обу жок эркелөө, обу жоктонуу.

**ТАЛТАКТАТ** **талтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛТАКТОО** **талтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛТАҢ: талтаң-талтаң этүү** 1. Талтактап басуу. 2. *өт.* Орунсуз, обу жок эрке.

**ТАЛТАҢДА** 1. Талтаң-талтаң этип басуу, талтактоо. 2. *өт.* Обу жок эркелөө, орунсуз эркелей берүү.

**ТАЛУУ I: талуу жер** Урганда, бир нерсеге катуу тийгенде эсти оодарып, талытып

коё турган аялуу жер. *Карышып жүргөн Кудаке, Кулунум, талуу жерге чаптыбы?* («Олжобай менен Кишимжан»). *Бөрү- нүн талуу жери кара тумшук.*

**ТАЛУУ II тал** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛУУ ЖЕРДЕН КАРМОО** Эч баш тартууга, буйтап кетүүгө калп айтууга, алдоого мүмкүн болбогондой амал-айла табуу. *Ал кары тукумдарын мына ошол талуу жерден кармап отурат* (Осмоналиев). **В.: Талуу жерин табуу.** *Эринин талуу жерин таап, бөпөлөп эркелетип, эркелей да билген айлакер аял эле (Бердикеев). Сенин талуу жериңди таап, Нуруйла эжең сүлүк курттай соруп жатат* (Бердикеев). **Талуу жерин издөө.** *Биз дагы сиздин талуу жериңизди издеп, тамырыңызды тартып коюуга азмаз – азмаз жарайбыз* (Тойбаев).

**ТАЛУУ ЖЕРИНЕ ТИЙҮҮ** Баш көтөргүс, өйдө карагыс кылуу, намысына тийүү. *Мурзабек кишинин талуу жерине тийип сүйлөгөндү билет* (Абдукаимов). **В.: Талуу жерге ургандай кылуу.** *Мынабу жаман катын талуу жерге ургандай кылып сүйлөгөндү, андай кепти кайдан табат* (Ашымбаев).

**ТАЛЧА** Жаш өспүрүм тал.

**ТАЛЫ тал III** менен бирдей.

**ТАЛЫГУУ талык** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛЫК** Чарчоо, чаалыгуу. *Токтогул күнү-түнү сайраса да талыгып койчу эмес* («Ала-Тоо»). *Талыгып бекер отурганча, табылган ишти иштеп, элге аралашайын деген чечимге келди* («Ала-Тоо»).

**ТАЛЫКПАС** Чарчабас, чаалыкпас. *Эр, аялы талыкпас, Эмгекке баатыр кужурмөн* (Калык).

**ТАЛЫКТЫР талык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛЫКШУУ талыкшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЛЫКШЫ** Алсыроо, чаалыгып талыгуу, чарчап алсыздануу. *Кымыз ичкенге талыкшып турам* («Ала-Тоо»). *Тартылуу түндүк ак үйдө, Талыкшып уктап жатуучу* (Казыбек).

**ТАЛЫКШЫТ талыкшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЛЫМСЫ** Билмексен болуу, билбей, байкабай калгансып көрүнүү. *Чорман болуш талымсып алдын ала кулак какты кылды* (Токомбаев).

**ТАЛЫТ талдыр** менен бирдей.

**ТАЛЬК** Техникада, медицинада колдонулуучу жумшак, ун сыяктуу ак минерал.

**ТАМ I** 1. Киши туруу үчүн дубалдары кыштан же топурактан тургузулуп жасалган үй. *Мата сатып, шай кылган, Там, таш салып жай кылган* (Калмырза). *Там үй.* 2. Дубал. *Тамды да далай сүзгөмүн.*

**ТАМ II** Тамчы түрүндө үзүлүп-үзүлүп, бөлүнүп түшүү, тамчылоо. *Мына-мына тамчы турат тамганы* (Токомбаев). *Жаандын бүгүн жааганын, карачы. Демейде тилеп жатса да бир таамп койбос эле* (Байтемиров). *Атыр жел өпсө гүл мойнун, Шүүдүрүм тамат дабырттап* (Кулумбаев).

**ТАМ III** Тутануу, күйүү. *Өчкөн отум тамгандай, Бир укмуш көзгө көрүндү* (Жантөшев).

**ТАМ IV: там-туң басуу** Жаңыдан басайын деп аракеттенип, бут шилтөө, жыгылыптуруп, тамтандап басуу. *Үсөн там-туң басып келип, тизесин кучактай жыгылган кызын кайра тургузуп, көтөрүп алып төркү бөлмөгө жөнөдү* (Таштемиров).

**ТАМ БЕРҮҮ** Баалоо, таазим кылуу, жогору баалоо. *Анын сөзүнө, чеберчилик кудуретине там бересиң, башыңды иесиң* (Мавлянов). **В.: Тан берүү.** *Кален атын ары-бери ойдолотуп көрдү, дагы бир жолу күчүнө, басыгына тан бергиси келди окшойт* (Артыкбаев). *Тан берип өзүбүзгө сөз берип койдук эле* (Осмоналиев). **Тен берүү.** *Дыйканбай не өнөргө тен бергени, не эл агасы жөнүндөгү албан сыпатты өзүнө мактоо катары түйганы – иши кылып жүзү ан сайын жылуу тартып, асте баш ийкеп да отурду* (Касымбеков).

**ТАМ-ТАШ** Үй жана короо-жай. *Жамгыр түн ортосунда там-ташты дыбырттатып сабап кирди* (Бейшеналиев). *Элдин баары там-ташын оңдоп, жаңы үйлөр салууга киришти* (Бейшеналиев).

**ТАМ ҮЙ** Дубалдары топурактан согулган же кирпичтен тургузулган үй. *Көшөгө ачылганда Пармандын жаңы салынган татынакай там үйүнүн ичи көрүнөт* (Бөкөнбаев).

**ТАМАГЫ (ТИЛИ, ТАҢДАЙЫ) КУРГОО** Аябай суусоо, суусун ичкиси келүү, чаңкоо. *Бурулча сөзүн ортолоп келгенде, тамагы кургап максым сурап ичти* (Байтемиров). *Таңдайы кургап, тил катып, Күндөптүндөп жол тартып* («Манас»).

**ТАМАГЫ БУЗУК** *к.* **алкы бузук.**

**ТАМАГЫ ЖАМАН** Тамаксоо, тамакты көргөндө үзүлүп түшкөн, тамак ичип-жегенди абдан жакшы көргөн, тамак жагына келгенде чыдап тура албаган. *Тамагы жаман уулуң кызымды сагыныптыр* (Сыдыкбеков). *Тамагы жаманга чоң аягыңды көрсөтпө* (макал).

**ТАМАГЫ МАЙЛУУ** Тамакты жакшылап, даамдуулап ичкен, жакшы тамактанган. *Тамагы майлуунун көйнөгү көөлүү* (макал). *Тамагы майлуу жан экен, Тартынбаган тамактан* («Манас»).

**ТАМАГЫН ЖАСОО** *же* **үнүн жасоо** Жөтөлүп же тамагын кырып сүйлөөгө же ырдоого даярданып камынуу. *Зулай ыр чынын колуна алып, тамагын жасай баштады* (Байтемиров). *Ал үнүн жасап, отурган элге кайрылды* (Абдукаримов). *Салкын жел*

*таңды ойготот, таң да атат, Ырчыча какырынып үнүн жасап* (Турусбеков).

**ТАМАГЫН КЫРЫНУУ тамагын жасоо** менен бирдей. *Борондуу Эдигей көзүнө тегеренген жашты жеңи менен сүртүндү да, үнү ыйлактап чыкпасын деп тамагын кырынып алып, Айзада, Үкүбала, дагы берки катындар аза күтүп отурган Казангаптын жер кепесине барды* (Айтматов).

**ТАМАГЫН МАЙЛОО** Белгилүү бир максат менен сыйлап көңүлүн алып коюу, пара берүү, паралоо. *Тамагын майлап турган киши гана кыяматтык досу* («Ала-Тоо»). *Үч күн удаа чакырып чоңунун тамагын майлап жүрдү* («Чалкан»).

**ТАМАГЫНА ТҮЙҮЛҮҮ** Тамак жегенде шар өтүп кетпей кызыл өңгөчкө туруп калгансып сезилүү. *Суусап туруп катуу жутуп жиберген окшойм, тамагыма түйүлө түштү* («Чалкан»).

**ТАМАГЫНАН БУЗУЛУУ** 1. Ичкиликке берилип, бузулуп кетүү. *Бул жигит да тамагынан бузулуп, кызматынан тез эле шыпырыла бериши адатка айланды* («Чалкан»). 2. Бирөөдөн бир нерсе алып, пара алып же бир нерсе ичип-жеп ийип жыдып калуу. *Таякем жакшы эле кызматтарга көтөрүлөт, бирок беш колун салып жиберип эле, тамагынан бузулат* («Чалкан»). **В.: Кекиртегинен бузулуу.** *Кекиртектен бузулган жаман, сак болуу керек* («Ала-Тоо»).

**ТАМАГЫНДА СӨӨЛҮ БАР** *к.* **тилинде сөөлү бар.**

**ТАМАДА** Кечелерди, отуруштарды алып баруучу, көңүл ачуу, тамаша кылуу жагын башкарууга шайланган киши.

**ТАМАК I** Адамдын, өсүү, өнүгүү, жашоо шартына зарыл түрдө керектелүүчү, азык болуучу заттар. *Дасторкон жайылып, анын бети түрдүү тамакка толду* (Байтемиров). *Бышылуу тамактын күйүтү жаман* (макал).

**ТАМАК II** Ооз көңдөйү менен кызыл өңгөчтүн туташкан жери, алкым. *Ал кетип, тамак кургап турган чакта, Кандырган кайрыкерим дагы ушул суу* (Токомбаев).

**ТАМАККА ТҮЙҮЛҮҮ** *к.* **тамагына түйүлүү** *Суусап келип жуткан айран тамагыма түйүлүп калбадыбы* (Жантөшев).

**ТАМАКСОО** Эси-дарты тамакта болгон, тамагы жаман, соргок, опкок.

**ТАМАКТА** Алкымдан, тамактан алуу, тамактан алып, муунтуу, коколоо. *Кечээ короого карышкыр тийип эки койду тамактап, бир козуну бөктөрүп кетишиптир* («Ала-Тоо»).

**ТАМАКТАН** Тамак-аш ичүү, оокаттануу, азыктануу. *Бир тобу тетиги карагайдын түбүндөгү алачыкка барып тамактана баштады* (Жантөшев).

**ТАМАКТАНТ тамактан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМАКТАНУУ тамактан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМАКТАТ тамакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМАКТОО тамакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМАМ** 1. Аягы, бүткөнү. *Ачык айт, андай болсо түңүлт мени, Жылдызым өчкөнү ошол күнүм тамам* (Үмөталиев). 2. Бардыгы, бүткүл. *Төрт ай тамам мол жүрдүм* («Манас» С.О.). *Атка минди тамамы, Адыраңдап чапкылап* («Эл адабияты»).

**ТАМАМАТ** *туурасы:* **дамадат.** *Жол катары, тамамат күнү тынчын алган бул суроого, түйшөлткөн ойлорго Мамбеттин гана тиешеси жоктой* (Садыбакасов).

**ТАМАН** 1. Буттун жер баса турган жалпак жагы, бети. *Таманымды жоорутуп Жара кылдың жокчулук* (Калык). *Төөнүн таманы. Каздын таманы.* 2. Бут кийимдин жер баса турган жагы, бөлүгү. *Чокойдун таманы. Өтүктүн таманы. Таманы калың кепич.* 3. Арыктын, каналдын, кокту-колоттун, жылганын ж.б. түбү, түп жаккы тилкеси. *Чоко коктунун таманы менен өрдөп баратты* (Каимов). *Аскадан учкан таштай кетти кулап, Жылганын таманында жатты сулап* (Осмонкул). 4. Бир нерсенин жерге коюуга, жерде же башка бир нерсенин үстү менен жүрүүгө ылайыкталган тегиз бети. *Үтүктүн таманы. Дөңгөлөктүн таманы. Чананын таманы.* 5. Кээ бир буюмдун жазы, жалпак келген бөлүгү. *Шакектин таманы. Үзөңгүнүн таманы.*

**ТАМАН АКЫ, МАҢДАЙ ТЕР** Өз күчү, адал эмгеги, кара жанын карч уруп жүрүп тапкан мээнети, ийгилиги, олжосу. *Жардыжалчынын таман акы, маңдай терин жешке болбойт* (Каимов). *Сакен өзүнүн таман акы, маңдай тери менен оокат кылчу* (Сасыкбаев). *Бул акчаң түшкүр же бир кагаз эмес экен, таман акы, маңдай тер менен табылчу неме экен* («Чалкан»). *Субанкул экөөбүз ушул талаада таман акы, маңдай тер менен өмүр сүргөнүбүз көз алдыга келе калды* (Айтматов). *Таман акы, маңдай тер, Минтип кайтат турбайбы* («Манас»).

**ТАМАН АҢДУУ** *к.* **такым аңдуу.**

**ТАМАН ЖАЛТЫРАТУУ** Кетип калуу, качып кетүү, куйругун түйүү. *Ушундан аша кечип, бир күнү таман жалтыраткым да келип жүрөт* (Элебаев).

**ТАМАН КАЗЫ** Союлган жылкынын төртбеш эли же андан да калың чыккан казысы.

**ТАМАН ТИРӨӨ** 1. Тирешүү, атаандашуу. *Буга таман тиреп койсоң, эртең эле сен жоголосуң.* 2. Бирөөгө таянуу, ишенүү. *Сенин таман тирериң бар, кам санаба* («Чалкан»). *Дал ушул чечимге таман тиреп бекинген намыстуу келин өз өргөөсүнө Манапбайды чакыртты* (Сыдыкбеков).

**ТАМАН ТУЗАК** 1. Жылкынын бутуна сала коюп кармоо үчүн жасалган сыйырт-

мак. *Тартылбайбы айласыз, Таман тузак арканга* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Бирөөгө кылган кастык, душмандык аракет, амал. *Билсең, бул, бизге коюлган таман тузак деди Айгүл.*

**ТАМАН ТУЗАК ТАРТУУ** Бирөөнү алдап, амал менен, айла менен колго түшүрүү. *Же бир шумдук үчүн таман тузак тартып жатабы?* (Жантөшев). *Пудовкин нечен кыйын душманга таман тузак тарткан неме экен* (Бектенов). **В.: Таман тузак салуу.** *Анын чырмаар тузагына биз таман тузак салабыз* (Осмоналиев). **Таман тузак коюу.** – *Билсең, бул бизге коюлган таман тузак, – деди Айгүл* (Жантөшев).

**ТАМАН ЭЛИ** Өтө семиз чыккан жылкынын казысына карата айтылуучу өлчөм. *Сойгон малы таман эли чыкты* **В.: Таман казы.** *Таман казы чыкты.*

**ТАМАНГА КАГУУ** Алдап-соолап мамиле кылуу. *Бирок Керимахундун мындай өнтөлөшү, тек бирөөнү таманга кагып түшүрөрдөгү амалы боло турганын Алым сезген болучу* (Жантөшев).

**ТАМАНДА** 1. Таманы менен ныктап басуу. 2. Бут кийимге таман салуу, таш таман кагуу.

**ТАМАНДАТ** **таманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМАНДОО** **таманда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМАНЕК** Кичинекей.

**ТАМАНЫ ЖЕРГЕ ТИЙБӨӨ** 1. Өтө тез кыймылда болуу, тез жүгүрүү. *Жылдызкан таманы жерге тийбей ал кишиге чуркап барып жалына баштайт* (Байтемиров). 2. Аябай кубануу, толкундануу, токтоно албаган абалда болуу. *Байкуш эне баласы келатат деген жакшы кабар уккандан бери өзүн коёорго жер таппай, таманы жерге тийбей дедек болуп жүрдү* («Кыргызстан маданияты»).

**ТАМАНЫ КЫЗУУ** 1. Улам күч алып чуркоо, арышын кеңири таштоо, токтоо бербей ээлигип калуу (ат жөнүндө). *Таманы кызып калганда, Таңкы желдей зырылдайт* («Манас»). *Таманы кызыган ат оозун бербей ала качты* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсеге катуу киришип калуу, баш тартпай иштей берүү. *Таманың кызып калган го, баш көтөрбөй калыптырсың, – деп Асан иштеп жаткан жолдошун тамашалай кетти* («Чалкан»). *Молдоке, сиз арымыңызды кере таштаганда бара-бара таманыңыз кызыганда жазылчу сай күлүксүз* (Бейшеналиев).

**ТАМАНЫ ТЕШИЛҮҮ** Бир нерсеге улам бара берип жадоо, убара болуу. *Бир күндө үч жолу барып таманы тешилди. Беш-алты жолу удаа барып, таманы тешилип бүткөндө да көңүлү калбайт, – деди* («Ала-Тоо»). **В.: Таманы жыртылуу.** *Таманы жыртылганча бара берди.*

**ТАМАНЫН ЖАЛОО** Бирөөгө кошомат кылуу, бөйпөндөп, көшөкөрлөнүп мамиле жасоо. *Ушунчалык кошоматчы киши экен, адамдын таманын жалоо анын адаты турбайбы деп таң калды* («Чалкан»). *Ошонун кунунун үстүнө кошооруңду эптеп билдир, ошондо сенин таманыңды жалап, а түгүл куштун сүтүн таап берүүгө да даяр экендигин айтат* («Чалкан»).

**ТАМАНЫН ЖАЛТЫРАТУУ** Жүгүргөн бойдон жөнөө, качуу. *Мындай кыйынчылыкка чыдай албай көздү жуумп, таман жалтыраттым* (Айтматов). *Революциянын душмандары тамандарын жалтырата беришсин! – деди Андрей* (Сасыкбаев).

**ТАМАНЫН ТЫНДЫРБОО** Тыным алдырбай жумшап туруу, жанын жай алдырбоо. *Байкуш жетимди сууга, отунга, малга да жумшай берип таманын тындырбады* («Ала-Тоо»). *Мында кайсы чекең ысып олтурат, же таманыбызды тындырбаса* (Элебаев).

**ТАМАНЫНА КИРЧҮ ТИКЕН МЕНИН ЧЕЧЕКЕЙИМЕ КИРСИН** Ага келүүчү кырсык, кыйынчылык, оор абал мага келсин, мен тартайын, мен көтөрөйүн. *«Мырзанын таманына кирчү тикен менин чечекейиме кирсин!» – деген, мага бүгүнкү кылганы ушул болдубу?* (Осмоналиев).

**ТАМАНЫНА МАЙ ТӨШӨӨ** 1. Кадырлоо, сыйлоо, алпештеп, кастарлап асыроо, өнтөлөө. *Таманына май төшөп баккан баласы да* («Ала-Тоо»). 2. Жасакерленүү, кошомат кылуу, өтө эле бөйпүлдөп мамиле жасоо, жагынууга аракеттенүү. *Таманына май төшөп сүйлөшөт. Алар мени менен адегенде таманыма май төшөп сүйлөшкөн.*

**ТАМАНЫНА ШИШ КАГУУ** Кордук көрсөтүү, кыйноо, ызалоо. *Бойго жеткен кызы дагы таманыма шиш какчу болду* (Өмүрбаев).

**ТАМАНЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ** Көзгө илээшпей өтө тез чуркоо, учкаяктыгы, күлүктүгү көрүнүү. *Таманынан чаң чыккан күлүк.*

**ТАМАНЫНДАГЫ ЖЕР ӨРТТӨНҮҮ** Абдан ачууланнуу, заарын чачуу, заманасы таруу. *Кабарды укканда Осмонкулдун таманындагы жер өрттөнүп, ачуусуна чыдабай тике бастырып, атасынын үстүнө кирип барган* (Өгөбаев).

**ТАМАНЫНЫН АЛДЫНАН ТАБУУ** Оңой жерден, дароо эле, тез эле таба коюу. *Ал жамандыкты таманынын алдынан табат деп таң калчу* («Ала-Тоо»). *Чындаса миң сомду ал таманынын алдынан табат, ага да кеппи деди* («Чалкан»). *Душманым жок дебе, таманыңдын алдынан табылат деди* («Чалкан»). **В.: Таманынын астынан табуу.** *Көңүлдөнсө таманынын астынан болсо да таап бере алат.*

**ТАМАША** 1. Көңүл ачуу, шаттануу максатына ылайыкталган ар кандай шарттагы

оюн-күлкү, оюн-зоок, таң-тамаша. *Тамаша кылып мергени, Тарс атып, түтүн булаткан* (Казыбек). *Кана, оюн-күлкү, тамашаңарды жасап бергиле көрөйүн, эригип келдим* (Жантөшев). *Майрамдык тамаша.* 2. Чындап эмес, ойноп сүйлөө, көңүл ачуу, күлкү чыгаруу иретинде. *Тамаша кылам, ой, ороңдобо жөнү жок* (Байтемиров).

**ТАМАШАГА ЧАЛУУ** Тамашага шоотуу, тамашага буруу. – *Сен сөзүңдү тамашага чалба, – деди ал, тигинин көңүлүн өзүнө буруп* (Сыдыкбеков).

**ТАМАШАКЕЧ тамашакөй** менен бирдей.

**ТАМАШАКОР тамашакөй** менен бирдей.

**ТАМАШАКӨЙ** Азилди, тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн, шайыр. *Чынында мен ушундай тамашакөй, жайдары кыздарды жакшы көрөм* (Каимов). *Өмүрлүккө сайрандайсың күлөсүң, Ачык-айрым тамашакөй мүнөзүң* (Элебаев).

**ТАМАШАЛА** Тамашага салуу, тамаша сөз айтуу, күлкү үчүн бура сүйлөө. *Кээде бирин-бири тамашалап жок жерден күлкү чыгарышат* (Байтемиров). *Ташбай да бир жактан тамашалады* (Сыдыкбеков).

**ТАМАШАЛАШ тамашала** этишинин кош мамилеси.

**ТАМАШАЛОО тамашала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМАШАЛУУ** Тамаша иретиндеги, тамаша катарында. *Тамашалуу сөз менен эл арасы жандана түштү* (Жантөшев).

**ТАМАШАЧЫЛ** Тамашакөй, тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн.

**ТАМБУР** *диал.* Чарасы чоң, мойну узун комуз. *Дутар черттирип, тамбур чалдырып, мусалладан ичип* (Жантөшев).

**ТАМГА** 1. Белги катарында көбүнчө ысык темир менен басып түшүрүлгөн из, так. *Малга тамга салуу.* 2. Жазуунун ариби, жазууда айрым тыбыштар үчүн алынган белги. 3. *өт.* Көңүлдө, жүрөктө сакталган из, запкы. *Жокчулук сөөгүмө тамга болду, Байларда малай жүрдүм таппай жолду* (Барпы).

**ТАМГАЛА** Тамга салуу, тамга белги түшүрүү. *Тай кунанды тамгалап, Өзүмдүк кылып алгыла* («Эр Төштүк»).

**ТАМГАЛОО тамгала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМГАЛУУ** Тамгасы, белгиси бар, тамга салынган.

**ТАМЕКИ** Никотини бар жазы жалбырактуу өсүмдүк жана анын тартуу же жыттоо үчүн кургатылып, майдаланып, атайын жолдор менен иштетилген жалбырагы. *Зууракан баккан тамеки, текши өсүп көзгө көрүнгөн* (Убукеев). *Тамеки тартчу элеңиз го, аксакал, келиңиз тарталы* (Байтемиров).

**ТАМЕКИГҮЛ** *диал.* Сабагы тамеки сымал түк алган өсүмдүк. *Тамекигүлдүн жалбырагы чоң болот.*

**ТАМЕКИЧИ** Тамеки өсүмдүгүн өстүрүүчү. *Таластын тамекичилери. Батай чоң апам такшалган тамекичи, эмгектин ардагери аталган.*

**ТАМПАЙ** Шалакы, шелпейген, эби-сыны жок көрүнүштө болуу.

**ТАМПАЙТ тампай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМПОН** Канды, сары сууну, иринди ж.у.с суюктуктарды сордуруу үчүн кебезден тоголоктоп, дакиге орогон дарыгердик буюм.

**ТАМСИЛ** Айбандарга же жаратылыштагы башка нерселерге берилген аллегориялык образдар аркылуу турмуштук окуяларды, адамдарды каймана мааниде сүрөттөгөн, көбүнчө ыр түрүндө жазылган акыл-насаат маанисиндеги адабий чыгарма. *Тоголок Молдонун тамсилдери. Р. Шүкүрбековдун тамсилдери.*

**ТАМСИЛДЕТ** Ачык эмес, каймана түрүндө айтуу.

**ТАМСИЛЧИ** Тамсил жазуучу, тамсил жазганга маш болгон жазуучу. *Кыргыз тамсилчиси Э.Ибраевдин тамсилдери окулду.*

**ТАМТАЙ** Кебетеси кетүү, жүдөө, темтейүү. *Таягына өбөктөп, Тамтайып турган бой салып* (Турусбеков). *Тамтайып жүргөн балдарды, Такыр этке тойдуруп* («Эр Төштүк»).

**ТАМТАЙТ тамтай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМТАҢ: тамтаң-тумтаң басуу** Тамтуң басуу, шыдыр басып кете албоо, чайпалып, жыгылып кетчүдөй болуп араң басуу.

**ТАМТАНДА** Тамтаң-тумтаң басуу, сендиректөө. 2. *өт.* Байланышсыз, дайыны жок сүйлөө, так, даана айта албай жаңылуу.

**ТАМТАНДАТ тамтаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМТАНДОО тамтаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМТЫК: тамтыгы чыгуу** Жыртылуу, бүтүн жери калбоо, тытылуу, тамтыгы жок, бүтүн жери калбаган, тытылган.

**ТАМУУ там** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМЧЫ** Суунун же башка суюктуктун тамгандагы, тамчылап тургандагы бөлүктөрү. *Чаңкадым, каным катты, дарман кетти, Тамчы суу таңдайыма тамызган жок* (Үмөталиев). *Бирок, эмне экенин билбейм, канчалык кымырынып жүрсөк деле, тамчы дал желкеге тамаар эле* (Усубалиев). *Тамчың менен аяп аны өпсөңөр, Өзүм сындуу өлгөндөргө буркурап* (Байгазиев). *Жамгырдын тамчылары.*

**ТАМЧЫ КАНЫ КАЛГАНЧА** Өмүрүнүн акырына чейин, башы жерге киргенче. *Ыракмат жаным! Сен үчүн, эл үчүн тамчы каным калганча күрөшөм* (Жантөшев).

**ТАМЧЫЛА** Тамчы-тамчы болуп бөлүнүп тамуу.

**ТАМЧЫЛАТ тамчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМЧЫЛОО тамчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМШАН** 1. Даам татканда же даам таткысы келгенде суктангандык, самагандык менен тилин көмөкөйүнө жабыштырып шилекей ирмөө. *Сары майдын даамын татып, баары тең тамшанып калышты* (Абдукаримов). *Тамакты көрүп тамшана баштагандыгын байкап, жаны кейиди* (Убукеев). *Таамай жутпай кымызды, Тамшанып даамын татуучу* (Казыбек). 2. Жалпы эле бир нерсеге суктануу, аны самоо, сугу түшүү.

**ТАМШАНТ тамшан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМШАНУУ тамшан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМЫЗ I** Тама тургандай кылуу, тамчылатуу. *Жүгөрү жесе сааган уй, Булактай сүтүн агызат, Мезгилинде саабасаң, Эмчектен сүтүн тамызат* (Токомбаев).

**ТАМЫЗ II** Күйгүзүү, тутандыруу, жандыруу. *От тамызып, үйдү лапылдатып, жылытып жиберди* (Байтемиров).

**ТАМЫЗГЫ** Тезек, көмүр же башка ири отундарды тамызуу, тутантуу үчүн алдыда жагыла турган майда, куу отун, чырпык, куурай. *Койчу тамызгы терип келип, кара таштын үстүнө от жакты* (Сасыкбаев).

**ТАМЫЗУУ тамыз** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМЫЛЖУУ тамылжы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАМЫЛЖЫ** Бети кызарып нурлануу, көшүлүү, магдыроо. *Айнанын бети тамылжып, көздөрүнөн от чагылыша түштү* (Абдумомунов). *Күндүн эртең мененки нуру чачырагансып, анын ак саргыл жүзү тамылжыйт* (Сыдыкбеков).

**ТАМЫЛЖЫТ тамылжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМЫР** 1. Өсүмдүктөрдүн жерге орунтукталып турушун, суу же башка азык заттарын өзүнө тартып, тамактанып туруусун камсыз кылуучу жер астындагы бөлүгү. *Жаа, жаа жамгырым, жамгырым, Жумшарт эгин тамырын* (Осмонов). *Бактын тамыры. 2. анат.* Кан жүрүү жолдору, кан тароочу түтүкчөлөр. *Даниярдын маңдайындагы кан тамырлары жарылып кетчүдөй кабарган* (Айтматов). *Тамырчылар тамырымды кармап, табыптар тамак берет* (Жантөшев). *Ошол чырак өмүрүңдү жаркытып, Тамырыңа кан-сөл болот билемин* (Мамазаирова). 3. Дос, достошкон адамдар. *Кедең дос «Тетиги келе жаткан Мүңдүбай тамыры экен» – деди.* («Эл адабияты»). *Кубанып тосту жолуңдан, Токо, курбукурдаш. тамырың* (Калык). *– Ой, ыракмат, Андрей тамыр!* (Сасыкбаев). *Тамыр сөөк куда бар, Тамашага жуда бар* (Калмырза).

**ТАМЫР ЖАЮУ** Бекем орношуп, алынышып алуу. *Жер тамырынан эл тамыры көп эмеспи. Дагы бир элдин-журттун арасына түп байлап, тамыр жайып жүрөбү?* (Садыбакасов). *Мурдатан тамыр жайган жат көрүнүштөр, бурмалоолор оор илдеттен бетер биздин бардыгыбызга жүк болууда.*

**ТАМЫР КАРМОО** Тамырчылык кылуу, сыркоо адамдын ысык-суугун, илдетин билүү аракетин кылуу.

**ТАМЫРЛА** Тамыр жаюу, тамыр алуу (өсүмдүктөргө карата). *Көчөттөр көгөрүп тамырлап калыптыр* (Убукеев).

**ТАМЫРЛАТ тамырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАМЫРЛУУ** Тамырлары жайылган, көп, тамырлары көбөйгөн, жыш.

**ТАМЫРЧЫ** Тамыр кармаган табып.

**ТАМЫРЫН ЖАЮУ** Өсүү, өркүндөө, жайылуу, таралуу.

**ТАМЫРЫН ТАРТУУ** Сырын тартуу, ички сырын билүүгө тырышуу, байкоо.

**ТАМЫРЫН ТАРТЫП КӨРҮҮ** Алдыртан, акырындап сырын билүү, көңүлүн, оюн билүүгө аракеттенүү, байкоо. *Душмандын тамырын тартып көрүп, мындай тыянакка келишти* («Ала-Too»). *Мен анын тамырын тартып көрүп өзүм кабар кылайын деп убада берди* («Чалкан»). **В.: Танабын тартып көрүү.** *Ишинин танабын тартып көрдү да белгилүү бир пикирге келди* («Ала-Too»). **Танабын тартуу.** *Жалий эки жактын танабын тартып, Чоюбек болуш менен Байымбет акындын ар кимине өзүнчө мамиле жасоодо* (Бейшеналиев). **Жибин тартып көрүү.** *Ар бирибиздин жибибизди тартып көрдү да, «жарайт, балдар, баарыңар барасыңар», – деди* (Сыдыкбеков). **Тамырын тартуу.** *Тамырын тартып сүйлөшүүгө өтөйүн* (Бейшеналиев). *Таксыры менен нөкөрү тымызын тамыр тартыша күчтөрүн сынап байкашты* (Бейшеналиев).

**ТАМЫРЫНА БАЛТА ЧАБУУ** Өмүрүнө зыян келтирүү, бир кырсыкка учуратуу, жок кылуу, жоюу. *Зулумдардын тамырына балта чабабыз деди* (Сыдыкбеков). *Жаш өмүрүнүн тамырына балта чабуу коркунучу күчөй баштады* (Сасыкбаев). **В.: Тамырын кыркуу.** *Уурулардын тамырын такыр кыркуу керек деп ачууланышты* («Ала-Too»). *Кылгылыкты кылыптыр, Тамырын такыр кыркыптыр* («Манас»). **Тамырын соолтуу.** *Бир кезде ыдык көрсөткөндөрдүн тамырын соолтом* («Ала-Too»). **Тамырын үзүү.** *Бай-манаптардын, кулактардын экономикалык күчүн жана алардын массага болгон таасиринин тамырын үздү* («Кыргызстан тарыхы»).

**ТАН** 1. Моюнга албоо, карама-каршы жыйынтык чыгаруу, тескерисинче айтуу. *Кылмышын тана албоо. Чындыкты тана албайт. 2.* Жадоо, көңүлү калуу, жүрөккө тийүү. *Этти танып, дан болсо деп калдык* («Ала-Too»). *Кең Ала-Тоо мынча неге том-*

*сордуң, Бооруңдагы элиңди сен тандыңбы?* (Турусбеков).

**ТАН** Баа берүү.

**ТАНА I** Бир жаштан өткөн эркек торпок. *Жалчы жүрүп тапканың жалгыз тана, Таап алган байкуштар, танаң кана?* (Тоголок Молдо).

**ТАНА II** Өөнөп кесүү, өөнөө.

**ТАНА III** Эркек тана, эркек бала. *Жакамда эч бириң жок тана көрдүм, Парзант деп көп ыйладым, зыркырадым* («Эл адабияты»).

**ТАНАЗАР АЛБОО** Көңүл бурбоо, анча маани бербөө. *Элдин азып-тозуп бараткан маалында таназарына албай, эми үрөйү учту* (Осмоналиев). *Суусардын ички кайгысын эч ким деле таназар алган жок* (Бердикеев). *Анын көөдөнүн көтөрө баштаганын эч ким деле таназар алган жок* (Ашымбаев). **В.: Таназарына илбөө.** *Арзымат канчалык үлүрөйүп ыйламсырай карабасын, Ханы караманча кашайып, анын телмиргенин таназарына илбей мисирейди* (Бейшеналиев).

**ТАНАП** 1. Аркан, бир-бири менен байланыштырылган, түйүштүрүлгөн жип. *Алтымыш кулач танап.* 2. Гектардын $^1/_6$ бөлүгүнө туура келген жер чени. *Бир танап жерин айдатпай, Бир кулак суусун байлатпай* (Токомбаев). *Өмүрзак миң башынын жүздөгөн танап жерлерине суу кандай керек болсо, биздин үч танап жердеги жүгөрүгө суу ошондой керек эле* (Абдукаримов).

**ТАНАПИС** Сабак арасындагы дем алуу убактысы, тыныгуу.

**ТАНАТОЛОГ** Танатология боюнча адис.

**ТАНАТОЛОГИЯ** Өлүмдүн себебин, механизмин, белгисин изилдөөчү илим.

**ТАНАЧАР** Эки жаштагы торпок.

**ТАНГО** *муз.* 1. Жай жылып, термелип бийленүүчү бий, о.э. ушундай жай ыргактагы музыкалык чыгарма.

**ТАНДА** Кандайдыр бир сапаты, белгиси боюнча башкалардан ажыратып ылгоо, ажыратып бөлүү. *Үйрөн, танда өнөрдү, Өнөр менен өрчүйт эл* (Үмөталиев). *Конуш тандап Арпадан, Коргон-Ташты жайладык* (Осмонов).

**ТАНДАЛ танда** этишинин туюк мамилеси.

**ТАНДАЛМА** Тандалган, тандалып алынган, мыкты, келишкен.

**ТАНДАМАЛ** Мыкты, жакшы, келишкен, тандалып алынган. *Кыргыздын асыл тукум тандамал аты.*

**ТАНДАМАЛУУ** Тандалган, ылганган. *Каныбек мындай тандамалуу ат эмес, жөнөкөй чоң ат да минип көрбөгөн* (Жантөшев).

**ТАНДАТ танда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАНДЕМ** 1. Отурчу орундугу биринин артынан бири жайгашкан эки орундуу велосипед. 2. Бир өзөккө бирдей кызматтагы тетиктери биринин артынан бири жайгашкан агрегат, машина.

**ТАНДОО танда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАНДЫР I** Жүн аралаштырып абдан ийленген чоподон жасалган нан бышыруучу очок. *Короонун төр жагындагы тандырда бир аял от жагып жатат* (Жантөшев).

**ТАНДЫР II тан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАНДЫРЧЫ** *диал.* Атайын тандыр жасай турган киши. *Сапалчы, гөзөчү, тандырчы кишилер болот.*

**ТАНК** Замбирек жана пулемёттор менен жабдылган, жолсуз жерлерде да жүрө бере турган, каз тамандуу, брондолгон согуштук машина.

**ТАНКА** *адаб.* Япон поэзиясындагы бири-бири менен уйкашпаган, беш саптан турган чакан ырлардын өзгөчө формасы. Анда алгачкы үч сапта негизги ой айтылат да, акыркы эки сапта жогорку ойдон жыйынтык чыгарылат.

**ТАНКЕР** Ичине суюк заттар куюуга ылайыкталып жасалган жана ошол суюк заттарды ташуучу кеме. *Нефти ташуучу танкер.*

**ТАНКЕТКА** 1. Пулемёт менен куралданган тез жүрүүчү кичинекей танк. 2. Аялдардын жайында кие турган жеңил бут кийиминин бир түрү.

**ТАНКИСТ** Танк айдоочу согуштук кызматкер. *Танкист, учкуч, көзгө атуучу мергендер* (Маликов).

**ТАНОО** 1. Мурундун дем алуучу тешиктери. *Таноосу кең. Таноолору кыпчылуу.* 2. Ошол тешиктердин эки жак капталдары. *Жумаке семиздигинен ынтыгып, таноолорун дердеңдетет* (Жантөшев).

**ТАНООЛУУ** Таноосу чоң, таноосу кең. *Таноолуу мурдунун үстү кайкы, кара тору кашы Айдарбек* (Жантөшев).

**ТАНООНУ ЖАРУУ** Кандайдыр бир нерсенин күчтүү же жагымсыз жыты катуу таасир этүү. *Балыктын жыты сиңген кийимдин күлүмчү жыты таноону жарып бара жатты* (Укаев).

**ТАНООСУ ДЕРДЕЙҮҮ** Көтөрүлүү, көөп кетүү. *Бул атагыма жер баспай, танoом дердейип калса керек* (Осмоналиев).

**ТАНООСУ КЫПЧЫЛУУ** Абдан ачуусу келүү, жини келүү, сурдануу маанисинде. *Алымды караган сайын каны ичине тартып, таноосу кыпчылат* (Осмоналиев). *Ушинтип шылдыңдайсыңбы! – деп Сакынын таноосу кыпчылат* (Осмоналиев).

**ТАНТАНА** 1. Уу-дуу, каңыр-күңүр, музыка. 2. Салтанаттуу чогулуш (1920-жылы колдонулган термин).

**ТАНТИ** *диал.* 1. Боорукер. 2. Март, берешен, колу ачык. – *Бали, атаңа ырахмат. Танти экенсиң, деди үксүйгөн тон кийген*

*башка айылдык үзүктөй чоң абышка бак-бак үнчүгүп* (Абдыраманов).

**ТАНТУУ танты** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАНТЫ** Орунсуз сөз сүйлөө, дайынсыз тантырап сүйлөй берүү. *Элге жаман көрүнөт, Эби жок тантып сүйлөгөн* (Барпы).

**ТАНТЫК** 1. Так сүйлөй албаган, тили так эмес, чулдур. 2. Тантыраган, оозуна келгенди тантый берген. 3. Мааниси жок, супсак, тантырак. *Тантык экен ыры деп, Күйгүзөт ичти куйкалап* (Тоголок Молдо).

**ТАНТЫРА** Дайынсыз сүйлөө, келжирөө, тантуу. *Кокус бирөө болбосо да бирөө тантырап коюшу мүмкүн* (Жантөшев).

**ТАНТЫРАК** Сандырак, маанисиз. *Бүгүн андай тантырак түштөр туурасында ойлонгудай алым жок – деди, алдын алып эле ойлонгусу келбей* (Жусубалиев).

**ТАНТЫРАТ тантыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАНТЫРОО тантыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАНТЫТ танты** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАНУУ тан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢ I** Түн караңгысы тарап, айланага жарык кире баштаган кез, күндүзгү маалдын башталышы. *Таң жели ичиркентип бетке согот* (Мидин). *Таң сүрүп жаңы атканда, Эрик жел ойноп чапканда* (Бөкөнбаев). *Сагынып сенин аруу ак таңыңды, Көз жаш болуп жылгандан акканымды* (Байгазиев).

**ТАҢ II** Кээ бир айбандардын (мис. бөкөндүн) куйругунун астындагы ак тилкеси.

**ТАҢ III** 1. Ороп, чырмап байлоо. *Балбандар аттан түшүп даярданды, Бооруна, аркасына тердик таңды* (Маликов). *Таңылчакты таңгыла.* 2. Сынган же чыккан жерди ордуна келтирип, бекем ороп байлоо. 3. Эркине, оюна койбой атып бир нерсени өткөрүүнүн, же бирөөнү макулдатуунун ж.б. аракетин кылуу, асылып сунуш кыла берүү, таңуулай берүү.

**ТАҢ АТУУ** Жакшылык болуу, жакшы кабар угулуу. *Достум, сен экөөбүздөйлөргө көптөн самаган таң атты* (Бейшеналиев).

**ТАҢ АШУУ таң ашыруу** менен бирдей. *Экиден сууп, экиден, Аттардын баары таң ашсын* (Жантөшев).

**ТАҢ АШЫРУУ** 1. Алыс жол жүрүп келгенден кийин отко койбой (чөп бербей) кантара байлап коюу, суутуу (жылкыга карата). *Атынын ээрин алып, таң ашырып койду.* 2. *өт.* Эч нерсе бербей ачка коюу, так катыруу, кезээртүү. *Бир нерсе бербейсиңби? Бизди таң ашырасыңбы? – деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»).

**ТАҢ ДЫК САЛУУ** Таң ата баштоо, таң жээк салуу, таң сүрө баштоо. *Таң дык салды Чолпон жаркырап* (Абдыраманов).

**ТАҢ ЖЭЭК САЛУУ** Таң ата баштоо, таң сүрүү, таң шооласы билинүү. *Таң агарып, жээк салып, Түндүк жабуу серпилди* (Токобаев).

**ТАҢ ЗААР** Таң ата, үрүл-бүрүл эртең менен эрте. *Таң заардан каш карайганга чейин аттан түшпөй чарбачылык менен алек* (Мырзаев).

**ТАҢ КАЛУУ** Күтүлбөгөн жерден болгон коркунучтуу, же кызыктуу окуяга, же кандайдыр бир түшүнүксүз нерсеге таңдануу, таңыркоо. *Мен анын мындайлыгына өтө таң калдым. Кыдырбектен кат келбей калса, өзүнө өзү таң кала турган* (Абдукаимов). *Мен да алардын кабарсыз болушуна таң калам. Табият – кыйын табышмак, Таң калам дайым карасам* (Токомбаев). *Адам таң каларлык кыйын иш.*

**ТАҢ КАРАКЧЫСЫ** Таң атарга жакын калган, таң агарып келе жаткан убак. *Таң каракчысында айылдан узай бердик* («Ала-Тоо»).

**ТАҢ КУЛАН ӨӨК БОЛГОНДО** Таң атып келе жатканда, үрүл-бүрүлдө. *Таң кылайып сөгүлүп, Кулан өөк болгондо* («Манас»). **В.: Таң сөгүлүү.** *Таң кашкайып сөгүлдү.* **Таң сүрүү.** *Таң сүргөндө жолго чыктык* («Ала-Тоо»). **Таң супа салуу.** *Таң супасын салыптыр, Тараза жылдыз так ордуна барыптыр* («Эр Табылды»).

**ТАҢ СҮРҮҮ** Таң атуу, жарык боло баштоо. *Аңгычакты таң сүрүп, Чыга келди алтын күн* («Мендирман»).

**ТАҢ-ТАМАША** Оюн-күлкү, шаттык, сайрандоо. *Таң-тамаша, күлкү-шат, Айлананы карасаң* (Шамшиев). *Таң-тамаша башталды, Күлүктөр тандап чабылып* (Шүкүрбеков).

**ТАҢГАК** Кандайдыр бир буюмдардын, нерселердин жыйналып, түрмөктөлүп оролуп, таңгыч менен таңылган түрү, таңылчак. *Кездеменин таңгагы. Кагаздын таңгагы.*

**ТАҢГАКТА** Таңгак кылып таңуу, таңгак-таңгак кылуу.

**ТАҢГАКТАЛ таңгакта** этишинин туюк мамилеси.

**ТАҢГАКТАТ таңгакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАҢГАКТОО таңгакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢГЫ МАКШАР** *дин.* Акыркы сурак күнү. *Энекең мен бейбактын мойнунда, Беш балбандын каны бар. Таңды макшар күнүндө, Беш балбандай момунга, Кара эшек болор эбим бар* («Семетей»).

**ТАҢГЫЧ** 1. Таңгактарды, ар кандай жүктөрдү ж.б. таңа турган жип-шуу, боо, сызма. 2. Сынган же чыккан жерди ордуна келтирип таңуучу, таңа билген киши.

**ТАҢДАЙ** Ооз көңдөйүнүн жаа формасында ийилген үстү жагы, тилдин үстүңкү жагы.

*Таңдайы кургап, тил катып, Күндөп, түндөп жол тартып* («Манас»).

**ТАҢДАЙЫ КАТУУ** Абдан суусоо, тили оозуна батпоо, тили кургоо. *Таңдайым катып, басууга да дарманым келбей калды* («Ала-Тоо»). **В.: Таңдайы кургоо.** *Кыдырбайдын таңдайы кургап, тили шуудурап, каны катkансыды* (Сыдыкбеков).

**ТАҢДАЙЫ ТАК КАТУУ** 1. *к.* **таңдайы катуу.** *Керели кечке машыгып, чарчапчаалыкканыңда таңдайың так катып, тамчы суу ууртасам дейсиң* (Абакиров). 2. Абдан суктануу, эңсөө. *Сонунбаланын кыз кезинде далай жигиттердин таңдайы так каткан деген сөз эмдигиче айтылып жүрөт* (Осмоналиев). *Анын кыздардыкындай сулуу сымак келген ажарына, сыпаа мүчөсүнө нечен кыздардын таңдайы так каткан* (Ашымбаев).

**ТАҢДАЙЫ ТАКЫЛДОО** Бир нерсени өтө самоо, эңсөө. *Таңдайы такылдап жүгүрүп жетти. Аны көрсөк дегенде таңдайыбыз такылдачу эле* («Чалкан»).

**ТАҢДАЙЫНАН БАЛ ТАМУУ** Уккулуктуу кылып, куюлуштуруп, өтө чебер, чечен сүйлөө. *Сөз кезегин таңдайынан бал тамган чечендерибизге берсек деген ой бар.*

**ТАҢДАЙЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ** Такылдап сүйлөө, чечекейи чеч болуу, шакылдап сүйлөө. *Сабиранын таңдайынан чаң чыгып, мыкты сөз айтты* (Сыдыкбеков). *Ал сүйлөгөндө таңдайынан чаң чыгып, элди өзүнө тартчу* («Ала-Тоо»). **В.: Тилинен чаң чыгуу.** *Эки колду жая салып, тилинен чаң чыгып, барган сайын кызый берди* («Ала-Тоо»).

**ТАҢДАЙЫНДА СӨӨЛҮ БАР** *к.* **тилинде сөөлү бар.**

**ТАҢДАН** Таң калуу, таңыркоо. – *Сиз мени кайдан тааныйсыз? – деп, Каныбек таңдана карап калды* (Жантөшев). *Мен аны таңдана карап кыйлага турдум да, үйдү карай чу койдум* (Усубалиев).

**ТАҢДАНДЫР таңдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАҢДАНТ таңдандыр** менен бирдей.

**ТАҢДАНУУ таңдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢДЫ АППАК АТЫРУУ** Түнү бою уктабай, кирпик ирмебей чыгуу. *Таңды аппак атырдым* («Ала-Тоо»).

**ТАҢКЫ** Таңга маал учурдагы, таң маалындагы. *Жайлоодогу таңкы аяздын илеби кайта элек* (Абдумомунов). *Таңкы уйку. Таңкы жел.*

**ТАҢКЫ КУЙРУКТАН, АЗЫРКЫ ӨПКӨ** Ар нерсенин өз убагында, кечигип, күтүп чоң нерсе алганча, өз убагында аз нерсе болсо да алган жакшы деген мааниде. *Асмандын башын айтып, башты оорутпачы, таңкы куйруктан азыркы өпкө деген* («Ала-Тоо»).

**ТАҢКЫТ** *диал.* Сын, сынга алуу.

**ТАҢСЫК** Эңсегендик, самагандык, өтө каалагандык. *Төрага да алардын жообуна таңсык эмес эле.*

**ТАҢУУ таң** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢУУЛА** Эркине койбой макулдатуу, бир нерсени өткөрүүнүн, алдыруунун ж.б. аракетин кылып, кайра-кайра таңа берүү.

**ТАҢУУЛОО таңуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢШУУ таңшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАҢШЫ** 1. Мукам үн менен кубулжута сайроо. *Токою жашыл бүр алып, Булбулдары таңшыган* (Токтогул). *Келгин куштардын таңшыган үндөрү жүрөктү эргитет* (Сасыкбаев). 2. Кубулжуган үн менен жагымдуу ырдоо. *Таңшыган мыкты акын. Булбулдай таңшып ырдоо.*

**ТАҢШЫТ таңшы** этиштин аркылуу мамилеси.

**ТАҢЫЛ таң** этишинин туюк мамилеси.

**ТАҢЫЛЧАК** Таңылып коюлган кичирээк таңгак. *Машина токтогондо таңылчактарын көтөрүшкөн студенттер жабалактап түшүп жатышты* («Кыргыз Руху»).

**ТАҢЫРАЙ** Келте, чолок болуп, теңирейген көрүнүштө болуу. *Мурду таңырайган киши.*

**ТАҢЫРАЙТ таңырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАҢЫРАКАЙ** Таңырайган, келте, чолок көрүнүштө болгон. *Мурду таңыракай жигит чөнтөгүнөн чакыруу кагазын суурупчыкты.*

**ТАҢЫРКА** Таң калуу, таңдануу. *Таңыркап кароо. Таңыркаган бала эки жагын элеңдеп карайт* («Ала-Тоо»).

**ТАҢЫРКАТ таңырка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАҢЫРКОО таңырка** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАП I** 1. Жок, жоголгон нерсени кезиктирүү, учуратуу. *Батыш жүктүн астынан аңтарып жатып, мылтыгын таап берди* (Байтемиров). *Тапкан сүйүнөт, тааныган алат* (макал). *Туура жолду табат элем түздөнсөм, Те илгертен көндүм болгон догмага* (Байгазиев). *Азыр да жытын сезем ошол нандын, Таппасмын андай нанды кыдырсам да* (Байгазиев). *Мен сага кантип жетип, таап тактайм, Ачылып, чечилчүүдөй бу күндөрдү* (Сариева). *Жо-жок, мени кафелерден таппайсың, Жер кудайы дыйкандардан карагын* (Кулумбаев). 2. Пайда кылуу, жаратуу, киреше киргизүү. *Олжо тап. Бирди тапсаң, кийип өт, айдалыңды кубантып* (Токтогул). *Айла тап. Акыл тап. Амал тап. Эбин тап.* 3. Туш келүү, дуушар болуу, кабылуу. *Бечаранын ажал таап, дүйнөдөн кайтышы биздин кабыргабызга баткан* («Ала-Тоо»). *Сен мени тапкан алтын күз келип санаамды, Сапырып кетти,*

*ансайын жүрөк оорутуп* (Мамазаирова). *Каза тапты.* 4. Төрөө, дүйнөгө жаратуу. *Уул тапты.* 5. Табышмактын, жашырын сырдын ж.б. жообун, аныгын билүү, билип айтып берүү. *Токто жүрөк толкубагын сабыр эт, Шыбырашкан жылдыздардын сырын тап* (Турусбеков). *Табышмактын жообун таба алышпай, балдар көпкө ойлонушту.* 6. Эсептөө, эсеп кылуу, ылайык көрүү. *Ылайык таптык баарыбыз, Бактылуу баатыр беренди* («Курманбек»). *Макул тапты. Туура тапты.*

**ТАП II** 1. Ысыктын, жылуулуктун илеби. *Очоктогу от өчүп, үстү бозоруп, уламдан улам табы кетип баратат* (Байтемиров). 2. Саламаттык, ден соолук, дарман, күч-кубат. *Табым жок, кыйналып жүрөм* («Ала-Тоо»). *Табың кандай?*

**ТАП III** Жүгүрө турган, ала турган абалга жеткендик, ошого жарактуу абал (күлүк ат, алгыр куштарга карата). *Күлүк табында, балам!* (Сыдыкбеков). *Тапка келбес бүркүттү Жалгыз чыгып салбагын* (Токтогул).

**ТАП IV** Чак, учур, кез, мезгил. *Жүдөп калган табымда, Сапардан келген чагымда, Жүзүңдү көрдүм, арман жок* («Манас»). *Балтыр этиң толо элек, Балбан табың боло элек* («Манас»).

**ТАП V** 1. *тар.* Карама-каршы көз караштагы социалдык катмар. *Жумушчу табы.* 2. Оюулары бириники экинчисине кынаштырыла турган шырдактын эки бет кийизи.

**ТАП VI: тап берүү** Бир нерсе менен чаап, уруп жибербчүдөй, качырып кирчүдөй ыкыс берүү, обдулуу.

**ТАП VII: тап-тап** Чапканда, чапкылап сабаганда, тапылдап түшкөндө (тамчы ж.б.) чыккан дабыш.

**ТАП БЕРДИРҮҮ** Чий согууда чийдин баш-аягын кара жип менен ийректөө же кара жүн менен чыбыктоо.

**ТАП ЖЫЛДЫРБОО** 1. Ордунан козголтпоо, эч жакка кетирбөө, баргызбоо, бура бастырбоо. *Балам ыйлаак, тап жылдырбайт* (Жантөшев). *Күзөтчүлөр бизди тап жылдырбайт* («Ала-Тоо»). 2. Бирөөгө эч нерсе бербей, зыкымдык кылуу, колунан эч нерсе чыгарбоо, сараңдык кылуу, битирөө. *Миңбаш тап жылдырбады, сараңдыгы күндөн-күнгө күчөдү* (Абдукаримов).

**ТАП ТЕШИКТЕП САЛУУ** Абдан жылчыксыз кылуу, билингис кылып, бекитип, бышыктап коюу деген мааниде колдонулат. *Терезелерди тап тешиктеп салыптыр.*

**ТАП ЭТИНЕ КЕЛҮҮ** Алгыр куштардын аңчылык кылууга, күлүктөрдүн чабууга ылайык келип, тапталып калган учуру. *Тап этине келе элек, Жүгүрөр кези боло элек* («Семетей»).

**ТАПАЛАК** *диал.* Жашынмак оюну.

**ТАПАН I таман** менен бирдей.

**ТАПАН II** 1. Алчы, таа жактары жонулган, өкчөгөндө же алчысынан, же таасынан конуучу чүкө. 2. *өт.* Куу, митаам, айлакер. *Силердей тапан студенттерди көргөн эмесмин* (Бейшеналиев). *Ал алчы, таасын жеген тапан бала.*

**ТАПАНДЫК** Куулук, митаамдык, айлакердик.

**ТАПАНЧА I** Жакын жерден атууга ылайыкталган кичинекей кол курал. *Аңгыча болбой тапанчанын үнү чыкты* (Абдукаримов).

**ТАПАНЧА II** *диал.* Көмөч казан жана ага бышырылган нан.

**ТАПКАН ЭКЕНСИҢ** Айткан сөз туура болбой калганда, жаңылышканда, же жакпаган нерсени сүйлөп койгондо кагуу, мыскылдоо, жактырбоо, же какшык иретинде колдонулат. *Сен ууруну тапкан экенсиң! – деп мыскылдуу какшыктап койду* («Чалкан»).

**ТАПКӨЙ** Тажрыйбалуу саяпкер. *Айдап келет алыстан, Тапкөй болсо ээси* (Молдо Кылыч).

**ТАПКЫЧ** 1. Табышкер, табаган. 2. Кыраакы, тез байкагыч, зээндүү. *Айла тапкыч акылман, Берен Бакай карыга айт* («Манас»).

**ТАПКЫЧТА** Табуу аракетин кылып издөө сураштыруу, иликтөө.

**ТАПКЫЧЫЛ тапкыч** менен бирдей.

**ТАПОЧКА** Такасыз, жеңил бут кийимдин бир түрү. *Бир бутундагы тапочкасы жерге түшүп калганын да сезбейт* (Каимов).

**ТАППАСАҢ СЫЙПАЛАП КАЛ** Дал өзүн таптың, так үстүнөн чыктың деген мааниде айтылат. *Таппасаң сыйпалап кал! ырас айтпадыңбы деп санын чаап кубанды* («Ала-Тоо»).

**ТАПСИР** Курандын айрым аяттарын которуп чечмелөө. – *Э-э, молдоке, бетиңе куран жайып тапсир жаттаганың менен, шарыятты анча билбейт экенсиң?!* (Сыдыкбеков).

**ТАПТА I** 1. Ныгыруу, тегиздөө, тапталтуу үчүн би р нерсенин үстүнөн тебелөө, салмактуу нерсе (мис. моло таш) менен бастыруу. *Кырман тапта. Жол тапта.* 2. Жуулган кирлерди бүктөп, бырыштарын алакан менен басып тегиздөө. *Жылдызкан түнү менен көйнөк-көнчөгүн жууп, кургатып, таптап алат* (Байтемиров). 3. Кетмен, соконун тиши, чалгы ж.б. куралдардын мизин жукарта чаап курчутуу.

**ТАПТА II** Табына келтирүү, жаратуу (алгыр куш, бүркүт же күлүктөргө карата).

**ТАПТАЛ тапта** этишинин туюк мамилеси.

**ТАПТАТ тапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАПТАШ тапта** этишинин кош мамилеси.

**ТАПТИШ** Текшерүү, артынан түшүү. *Тап-*

*тиштеп сураштырсак, бай-манаптар менен анын астыртан байланышы бар имиш* (Баялинов).

**ТАПТОО тапта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАПТЫК** Тапка таандык, таптык мүнөздө. *Биздин заман – болот журөк, Таптык кучун чыйраткан* (Бөкөнбаев).

**ТАПЧЫЛ** Белгилүү бир тапты жактоочу. *Каным – тапчыл, өз табымды суйөмун* (Бөкөнбаев).

**ТАПШЫР** 1. Милдеттендирүү, бир нерсени орундоону бирөөгө буюруу, табыштоо. *Иш тапшыр. Баланы окутууну сага тапшырам.* 2. Өткөрүп берүү. *Уйүнө абышканын кайра бардым, Тапшырдым өз колуна ошол чалдын* (Шамшиев).

**ТАПШЫРМА** Орундоо, аткаруу үчүн бирөөгө тапшырылган, буйрук кылынган иш, жумуш. *Өзум суйгөн, өзум кирген партия, Берчи мага кыйын-кыйын тапшырма* (Үмөталиев). *Сабак башталды, мугалим уй тапшырмасын сурап жатат* («Кут билим»).

**ТАПШЫРТ тапшыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАПШЫРУУ тапшыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАПШЫРЫЛ тапшыр** этишинин туюк мамилеси.

**ТАПЫЛДА** Баскандан, чуркагандан тактай чапкандан чыккан дабыш. *Терезенин тубунөн бирөө тапылдап чуркап өтту* (Кадырова).

**ТАПЫР: тапыр-тупур** Тапыраган дүбүрттүү дабыш. *Сырттан жугургөн кишинин тапыр-тупур табышы чыгар замат, эшик шарт ачылды* (Жантөшев).

**ТАПЫРА** Тапыр-тупур этүү, дүбүрттүү; тапыр-тапыр эткен дабыш чыгаруу.

**ТАПЫРАТ тапыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАПЫРОО тапыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАР** 1. Эни, көлөмү тайкы, кууш, кең же жайык эмес, кысылыш. *Тар орун. Тар уй. Өтугуң тар болсо, дунуйөнун кеңдигинен не пайда* (лакап). 2. Жетишсиз, кемчил, кысталыш, кененчилик эмес. *Убакыт тар болуп калды. Оокаты тар кедейчилик заман эмес. Тар жерде бирдеме дешке болбой турат. Тар жол, тайгак кечуу.*

**ТАР ЖОЛ, ТАЙГАК КЕЧҮҮ** Кыйынчылык, кысталыш мезгил. *Тар жол, тайгак кечуудө сенин кыларың ушул беле?* («Кыргызстан маданияты»).

**ТАР ЭШИК, ТАР БОСОГО** Өзүнчө кеңири үй-жайга ээ болбогондук, кысталыш жер, жайлуу эмес орун. *Тар эшик, тар босогодо отурсак, алардын бизге келгени анча оң болбой калар* («Ала-Тоо»).

**ТАРА I** Ташылуучу же сакталуучу товарлар салына турган ар кандай нерселер (үкөк, чанач, кап ж.б. ).

**ТАРА II** 1. Чачтын, кылдын ж.б. чачышын, уйпаланганын кетирүү, тегиздөө үчүн тарак менен сыдыруу. *Кундуздай кара чачтарын, Кубултуп өруп тараган* (Осмонкул). *Ызааттап алик алгандай, Сакалын сылап тарады* (Жантөшев). 2. Тарам-тарам кылуу, тарам-тарам кылып сыйдалоо. *Тарамыш тарап отурган кемпир.* 3. Туш-тушка бөлүнүп, бириндеп кетүү, бытыроо. *Отургандар уйлөрунө тарашты* (Жантөшев). *Тарап жылдыз суюлуп, Таң жарылып кашкайып* (Осмонкул). 4. Жайылуу, белгилүү болуу. *Анын Москвага бара тургандыгы небак тарaптыр* (Байтемиров). *Өлкөбузгө тарады, Том-том болгон жыйнагы* (Осмонкул). 5. Жоюлуу, жок болуу, мурдагы калыбына келүү. *Ачуусу тарады. Масы тарады. Шишик тарады.* Бир негизден, тукумдан бөлүнүп, таралып чыгуу. *Орозойдон тараган, Кара муртөз Жакып хан* («Манас»). *Бир тукумдан тараган ага-инилуу туугандар.*

**ТАРАБА** Орозо айында ар күн куптан намазынан кийин окула турган кошумча намаздын аты. Жыйырма мертебе жыгылып туруп окуй турган намаз. *Артыкбай аке ооз ачты кылат да, колу-коңшулардын эркектерин уйунө чакырып коноктойт. Тартип, ошол, кайсы жерде ооз ачылса, ошол жерде тараба окулат эмеспи* (Мавлянов).

**ТАРАЗ** Чакан, орто бойлуу, сымбаттуу. *Көгуш гулдуу ак крепдешин көйнөгу тараз боюна куюп койгондой* (Сыдыкбеков).

**ТАРАЗА I** Салмак өлчөй турган шайман. *Аптека таразасы. Таразага тартып өлчөө.*

**ТАРАЗА II** *астр.* Зодиак топ жылдыздарынын бири.

**ТАРАЗА ТАППАГЫР** Жакшылык көрбөгүр, ишиң оңунан чыкпагыр деген сыяктуу каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Тараза таппагырдын көз жазгырып кеткенин кара!* («Ала-Тоо»).

**ТАРАЗАЛА** 1. Таразага тартуу, тараза менен өлчөө. *Азандан келип көрөлук, Агар алтын, ак кумуш, Таразалап бөлөлук* (Токтогул). 2. Ойлоо, баалоо, салыштыруу. *Өзуң эле таразалап көрчу, кимисиники туура экендигин* («Адабий Ала-Тоо»).

**ТАРАЗАЛАТ таразала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРАЗАЛОО таразала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРАЗА-МИЙЗАМ** Өлчөгүч аспап. *Сапар кылып чоң куну, Тараза-мийзам он куну* («Манас»).

**ТАРАЗАЧЫ** Тараза тартуучу, ар кандай жүктү, товарды таразага тартып туруучу. *Ормонбекти кырманга таразачы кылып дайындашты* (Турусбеков).

**ТАРАК** Чачты, кылды ж.б. тарай турган майда тиштери бар буюм. *Муйуз тарак. Ат тарак.*

**ТАРАК БАШ** Башындагы бүрү тарам-

тарам болуп бөлүнгөн, сабагы ичке жана узун келген чөп өсүмдүгү.

**ТАРАКАН** Үй конузу.

**ТАРАКТА** 1. Катуу кыймылда, тез жүрүүдө кагылуу, согулуу аркылуу калдыраган, калдырттаган дабыш чыгаруу. *Поезд тынбай, желдей зуулап баратат, Тарак-тарак, таpактап, Шарак-шарак шарактап* (Элебаев). 2. Обу жок карбаластап удургуй берүү, курулай чабагандоо. *Өйдө-төмөн таpактап жүгүрө берүү.*

**ТАРАКТАТ тaракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРАКТОО тaракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРАЛ тара** этишинин туюк мамилеси.

**ТАРАЛГА** Ат жабдыктын кайыш боолору, үзөңгү боо, басмайыл, олоң. *Табылга таап келдик деп, Таралга тартуу сүйүнчү ал* («Эл адабияты»).

**ТАРАМ** Бир нерсенин тал-тал болгон айрым бөлүгү, туш-тушка таралган салаа-салаа тилкеси. *Тарам-тарам тарап кеткен, Токсон тогуз жолдору* (Бөкөнбаев). *Тарам-тарам арыктарга Ташбай сууну бирдей бөлөт* (Сыдыкбеков).

**ТАРАМЫШ** 1. Булчуң эттерди сөөктөр менен туташтырып туруучу, созулуп кайра калыбына келүүчү, серпилгич *Тарамыштын создугуп же болбосо чоюлуп калышы анын кокустап калышынан болот* («Ден соолук»). 2. Бут кийимди ултаруу, тигүү үчүн малдын (көбүнчө жылкынын) ушундай затынан жасалган жип.

**ТАРАМЫШ КҮЙГҮЗҮҮ** Ууруну табуу үчүн карышкырдын тарамышын отко күйгүзүү (эски ишеним боюнча жасалган аракет).

**ТАРАМЫШТАЙ ТЫРЫШКАН** 1. Колунан эч нерсе чыкпаган, ач көз, сараң, зыкым. *Андан сурабай эле кой, тарамыштай тырышкан эмеден чыкмак беле* («Ала-Тоо»). 2. Чыдамкай, чыйрак, тырышчаак. *Касымалыны чыгаргыла, тарамыштай тырышып ошол кыйын* («Кыргызстан маданияты»).

**ТАРАН I** 1. Терини булгаары же кайыш кылып ийлөөдө, иштетүүдө колдонулуучу өсүмдүктүн тамыры. 2. *диал.* Эгин, дан. *Жердин аты ал заманда чек эле, Чек жердеги сейрек кыргыз эл эле. Ат такалап, таран тартып Көк-Арттан, Эшек баккан кирекечтер көп эле* (Чоробаев).

**ТАРАН II тара** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАРАНЧЫ** 1. Бозомук күрөң түстүү кичине канаттуу. *Балдар чөкө таан, таранчы кармоо менен алек болушат* (Абдукаримов). 2. Иле боюнда жашаган уйгурларды илгери кыргыз казактар таранчы дешкен. *Жанында шөкүлөлүү кыздардан айырмаланып, таранчынын кыздарындай саймалуу санди бешмант кийген селки* (Бакиров).

**ТАРАП** Жак, багыт. *Бекжан колу менен түндүк тарапты көрсөттү* (Абдукаримов). *Темиров эки тарабынан жайылып өтүп аткан койду карайт* (Жантөшев).

**ТАРАПАРАН** *диал.* Көк таш. *Өңү-башы капкара болсо да, көзүнүн тарапарандай көпкөктүгү, жайкалган узун сакалы, бүркүт муруну бир топ сүрдүү көрсөтөт* (Ш. Үмөталиев).

**ТАРАПКЕР** Жаатчыл, жаат куроочу. *«Жамандын акылы түштөн кийин» дегендей, бул өңдүү жерде күн мурдатан тарапкерлерди көбөйтүп алыш керек экен* (Абдукаримов).

**ТАРАПТАР** Жааттын бир жагында болуучу.

**ТАРАТ тара** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРАТУТ** 1. Дендароо болуу, ыргылжың болуу. 2. *өт.* Аракет кылуу, камын көрүү, кам жеш.

**ТАРАШ тара** этишинин кош мамилеси.

**ТАРАША** *диал.* 1. Жараңка. 2. *өт.* Комуз. *«Кашынган иттей болуп, тарашанын боорун тырмап отурган да оңорбу?» деп, Айдарбек датка комуз черткендерди өмүрүндө жактырбай турган* (Жантөшев). 3. Жарылган (сынык) отун. *Көк зоодон түшкөн тараша, Көк кайың чыгат жанаша* («Эл адабияты»).

**ТАРАШТА** Кырдыруу, сүрдүрүү. *Анан дайыма устара менен тараштап кырдырып жүргөн даңгыр шиш башын бери жакка тосуп үнчүктү* (Абдыраманов).

**ТАРБАГАЙ** Тарбайган, тарбайып чыгып турган. *Андрей Ашырды көздөй тарбагай колун жайып, кучакташа коштошту* (Сасыкбаев).

**ТАРБАЙ** Тарбагай көрүнүштө болуу, арбайып, туш-тушка жайылып чыгып туруу. *Шабдалы багынын бутактары тарбайып көлөкө түшүрүүдө* (Бейшеналиев).

**ТАРБАЙТ тарбай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРБАЛАҢДА тарбаңда** менен бирдей.

**ТАРБАҢДА** Тарбайып, олдоксон кыймылда болуу. *Тартканда ак куу учат өрдү көздөй, Тарбаңдап чаян качат чөлдү көздөй* (Осмонкул).

**ТАРБИЯ** Баланын, өспүрүмдүн же жалпы эле адамдын адептүү, маданияттуу болуу, билим алуу, туура багытта өсүп-өнүгүү жагын камсыз кылуучу жалпы аракет. *Жаштын жакшы болмогу, Тарбия менен сезимде* (Шүкүрбеков). *Билим берүү, тарбия берүү силердин милдет* (Сыдыкбеков).

**ТАРБИЯЛА** Тарбия берүү, өстүрүү, өнүктүрүү. *Ал эчтеме эмес, биз аны тарбиялап да алабыз* (Сыдыкбеков).

**ТАРБИЯЛАТ тарбияла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРБИЯЛОО тарбияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРБИЯЛУУ** Тарбия алган, тарбияланган, адептүү, тарбиясы жакшы.

**ТАРБИЯЧЫ** Бирөөнү тарбиялоочу, тарбия, таалим берүүчү. *Мамырканов бул айылдагы балдардын эң кадырлуу жана сүйүктүү тарбиячыларынын бири болуп калды* (Токобаев). *Тарбиячы эй, мен саа камыр эмесмин, Каалагандай ийлеп, жууруп, чойгудай* (Байгазиев).

**ТАРГЫЛ** Күрөң менен боз түстүн бирибиринен ачык ажыратылбаган темгил-темгил, чаар ала түрү. *Мураттын мингени таргыл өгүз* (Баялинов). *Таргыл мышык терезеден секирип түштү* (Сыдыкбеков).

**ТАРДЫК** 1. Тарып, тар болуп турган абал, кенен эместик. *Бул жер тардык кылат. Жанга батат турбайбы, Ал замандын тардыгы* (Тоголок Молдо). 2. Пейили тар болгондук, ак көңүл эместик. *Сырдаш болсоң ачык сөзгө келе алам, Мен өзүмдүн тардыгымды жеңе алам* (Осмонкул). *Ооба, ооба ГЭС жагынан мен маарыдым, Жок, жок, жок электрге түк тардыгым* (Байгазиев).

**ТАРЕЛКА** Чакан жайпак табак. *Чучуктун жарымы бир кесим эти менен салынган тарелканы дасторконго койду* (Жантөшев).

**ТАРЖЫМА** Котормо, бир тилден экинчи тилге оодаруу.

**ТАРЖЫМАЛ** Өмүр баян.

**ТАРИЗ** Түр, кебете, сыяк. *Култуйткан куйругу жок болот арзы, Көпчүлүк элге жакпайт анын таризи* (Барпы).

**ТАРИЙКА** *диал.* Ыкма, жол, жосун. *Ушул тарийкада иштей берсе болот.*

**ТАРИФ** *фин.* Баа коюунун, бир нерсени баалоонун же төлөөнүн белгилүү тартиби, көрсөткүчү. *Кызмат акылардын тарифтери.*

**ТАРИФИКАЦИЯ** Баа коюунун, баалоонун же төлөөнүн белгилүү чеги, чени.

**ТАРИФТИК СЕТКА** *экон.* Белгилүү өзгөчөлүктөр эске алынган тарифтик көрсөткүч.

**ТАРИФТИК СТАВКА** *экон.* Тарифтик көрсөткүч боюнча жумушчуларга төлөнүүчү эмгек акынын көлөмү.

**ТАРКА тара** менен бирдей. *Желгенине жел да жетпейт ушактын, – ушак сымал тез таркабайт эч нерсе* (Салгамани).

**ТАРКЕШ** Чыны кап, шириден же жыгачтан жасалган чыны кап.

**ТАРКИ ДҮНҮЙӨ** Жашоонун жыргалынан баш тартып, акыретке камынгандык. *Ар качан башынан бактысы тайган хандар, амирлер, ханзаадалар иши оңолбос чекке жеткенде, бул дүнүйөнүн кызыгын тарки дүнүйө кылып таштап, бир кудай жолун кездеп Мекеге кетүү салт* (Касымбеков). *Тарки дүйнө кылабы, кудай өзү билет деп* («Эл адабияты»).

**ТАРКИ КЕТҮҮ** *диал.* Кыйроо, бүлгүнгө учуроо, көңүлү калуу. *Дагы ушинтип бөрүгө байланган улактай учу-кыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, тарки кетет* (Касымбеков). *Тарки кеткен байыркы Амир Темир улугунун кеткетинен бытыраган, майда, ырксыз, алсыз акыркы көйүндө калган, сары журт болгон* (Касымбеков). **В.: Тарки чыгуу.** *– Немене бу! Кошунбу, бу, ар жерде тарайып, немене, же бир кыргындан тарки чыгып, өлө тала бозгон элби ?! – деп, зиркилдеп какты датка* (Касымбеков).

**ТАРКИН КЕТИРҮҮ** *диал.* Бытыратуу, бүлгүнгө учуратуу, талоонго түшүрүү. *Акылсыз Мадали аталары улуу эмгек менен кураган ордонун таркин кетирди, баарын колунан чыгарды* (Касымбеков).

**ТАРКЫЛДА** Бакылдап орду жок сүйлөө, орой, токтому жок, маданиятсыз жүрүш-турушта болуу. *Орой болсоң таркылдап, Наадандыктын белгиси* (Токтогул). *Жүрүш-турушу жаман, таркылдаган неме экен* («Ала-Тоо»).

**ТАРЛЫК тардык** менен бирдей.

**ТАРМАК** 1. Илимдин, өндүрүштүн, кесипчиликтин ж.б. белгилүү бир багыт, өзгөчөлүк боюнча кеткен, өзүнчө айырмалуу белгилери болгон бөлүмү, тарамы. *Эл чарбасынын тармактары. Илимдин тармактары.* 2. Бүтүн нерсенин айрым бөлүгү, айрым салаасы. *Бул суу Ангара өзөнүнүн чыгыш тарабынан агып келүүчү бир тармагы эле* (Жантөшев).

**ТАРМАКТА** Тармактарга ажыроо, тармак-тармактарга бөлүнүү.

**ТАРМАКТАН тармакта** этишинин туюк мамилеси.

**ТАРМАКТУУ** Тармактары көп, жыш. *Кыргызстандын көп тармактуу чарбасында көрүнүктүү орундардын бирин пахтачылык ээлейт.*

**ТАРМАЛ** Толгонуп уюлгуп турган, бужугур (чач, жүн жөнүндө). *Тармал чач. Тармал көрпө.*

**ТАРМАЛДА** Тармал жасоо, тармал-тармал кылуу. *Ал чачын тармалдап алган го? Кайра түлөп тармалдап, Селкилдеди чуудасы* (Токомбаев).

**ТАРМАЛДАТ тармалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРОО тара** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРП I** Жаныбардын өлүгүнөн калган калдык. *Талабы чоң мергенди, Тарп катары сүйрөйсүң* («Эл адабияты»). *Жорулуу жерде тарп калбас.*

**ТАРП II** тарп-тарп Бут кийимди сүйрөп баскандан чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Короодон Асандын тарп-тарп басканы угулду* («Ала-Тоо»).

**ТАРП ИЗДЕГЕН ЖОРУДАЙ** Алдым жуттум, ач көз. *Тарп издеген жорудай умтулат да, умсунат* (Осмоналиев).

**ТАРПАҢ** Байыркы заманда жашаган жапайы жылкы.

**ТАРПУУ тарпы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРПЧЫ** *диал.* Таз жору. *Кар жилик кагууну коё туруп тарпчыны карачы.*

**ТАРПЫ** Чапчуу (төөгө карата). *Буура жалпак чоң таманы менен жерди тарпып алды* (Токомбаев).

**ТАРПЫ ЧЫГУУ** Быт-чыты чыгуу, тытылып, жыртылып бүтүү, такыр эле иштен чыгып жарабай калуу деген маанилерде. *Ит тартышты салып Батыркул терими тетири айлантып, тарпымы чыгарбасын, кетиш керек* (Байтемиров).

**ТАРПЫН ТАШКА ЖАЮУ** *к.* **талпагын ташка жаюу.**

**ТАРС** Урулуудан, кагылуудан же мылтык атылганда чыккан катуу дабыш. *Тарс бир коюу. Эшикти тарс жабуу. Мылтык тарс этип атылып кетти* (Жантөшев). *Тарс дегенде кара боз, Түйүлүп ыргып чуркады* («Эр Табылды»).

**ТАРС ЭСИНЕН ЧЫГУУ** Таптакыр унутуп калуу, эстей албоо. *Ким айтканы тарс эсимден чыгып кеткенин карачы* (Байтемиров).

**ТАРСА** *эск.* Христиан дининдеги эл. *Кыргыз, тарса кыйла эл, Кызыл кан агып болду сел* («Манас»).

**ТАРСАЙ** Чыңалуу, көөп, дырдыйып кетүү, жел толуу. *Үйлөгөн карындай тарсайып турат.*

**ТАРСАЙТ тарсай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРСАЮУ тарсай** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРСЫЛДА** Удаа-удаа тарс-тарс этүү, тарс-тарс, тарса-тарс эткен дабыш чыгаруу. *Мылтык үнү көп чыгат, Удаа-удаа тарсылдап* («Эр Табылды»).

**ТАРСЫЛДАТ тарсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРСЫЛДОО тарсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТ** 1. Өзүнө карай сүйрөө, булкуу, жылдыруу, жыюу, ордунан козголтуу. *Карагай тарт. Колунан тарт. Араба тарт. Чана тарткан ат. Түндүк тарт. Бутуколун тартып, жыйналышып отурду.* 2. Чоюу, керүү. *Жаа тарт. Тизгин тарт. Аркан тарт.* 3. Кандайдыр унаа менен кандайдыр бир жүктү ташуу, бир жерден экинчи жерге жеткирүү. *Чөп тарт. Эгин тарт. Кызылча тарт.* 4. Тамак-аш коюу, берүү. *Эт тарт. Аш тарт. Табак тарт.* 5. Тартуу кылуу. *Алдына ат тартып, үстүнө чапан жабуу. Алтымыш буудан айдатып, Алдына тартуу тартпайбы* («Эр Табылды»). 6. Таразалап ченөө, өлчөө. *Эки кило кант тартып бере койчу. Нан тартып берүү. Дан тарта турган таразаңар барбы?* («Ала-Тоо»). 7. Музыкалык аспаптарды ойнотуу, күүгө келтирүү. *Кыяк тарт. Чоор тарт. Сурнай тарт.* 8. Данды тегирменден же жаргылчактан өткөрүү, майдалоо. *Тегирменге ун тартып алуу. Жаргылчакка талкан тарт.* 9. Белгилүү бир жакка багыт алуу, жөнөө, жүрүү. *Жол тарт. Сапар тарт. Үйдү карай тартты.* 10. Тамеки, нашаа, насыбай чегүү. *Тамеки тарт. Чылым тарта баштады. Нашаа тарт.* 11. Жабыштыруу, сыйпоо, жугузуу. *Жарага чайыр тарт. Бетине көө тарт. Камыр тарт.* 12. Кандайдыр бир түргө, кейипке келүү, бир абалдан экинчи абалга өтүү, өзгөрө түшүү. *Кара көк тартты. Бозомук тарта баштады. Киргил тартты. Оорусу жеңил тартып калды. Иш кыйын тарта баштады. Күч салкын тартып калды.* 13. Дуушар болуу, башынан кечирүү, өткөрүү, көрүү. *Зыян тарт. Кайгы тарт. Запкы тарт. Азап тарт.* 14. Кебетеси, кыялы, мүнөзү же башка белгилери боюнча окшоп, сыяктанып кетүү. *Атасын тартып балбан болчудай* («Ала-Тоо»). *Энесин тартат көрүнөт, өңдүү-түстүү киши болуптур* («Ала-Тоо»). *Мал ээсин тартпаса, арам өлөт* (макал). 15. Катыштыруу, жооптуу, милдеттүү кылуу, айыптоо. *Кызматка тарт. Көпчүлүктүн ишине тарт. Жоопко тарт. Сотко тарт.* 16. Белгилүү бир тарапты, адамды колдоого алуу, жактоо, болушуу, ошол жакка ниетин, пейлин салуу. *Өз тууганына тартат. Өз жакынына тарткысы келет. Таанышына, жолдошторуна тартмак болду.* 17. Сүрөт түшүрүү, бир нерсенин сүрөтүн, элесин салуу. *Сүрөткө тарт. Сүрөтүн тартып берүү.* 18. Жазы, жука нерсени (буюмду) керүү, керип илүү же калкалап коюу. *Көшөгө тарт. Килем тарт. Туш кийиз тарт.* 19. Бөлүштүрүү, бөлүштүрүп берүү (карта оюнунда карта бөлүштүрүү). 20. Төлгө салуу. *Төлгөчү кара Төлөгүм, Төлгөңдү тартчы көрөйүн* («Манас»). 21. Чабуу, чаап жиберүү. *Жаакка тартып жиберүү. Камчы менен тартып калуу.* 22. Өсүү, жетилүү. *Бой тартып өсүп калган кези. Эс тарткан балдар.* 23. Биринен экинчисине өтүү, алмашыла баштоо. *Күзгө артып калды. Мезгил кышка тартып калган кез. Күндөр өтүп, айлар күзгө тартканда* (Токомбаев). 24. Даярдоо, даярдап чыгаруу (арак, пиво ж.б. сыяктуу ичкиликтерге карата). *Өзүнчө кылып синатты, Кымыздан тартып аракты* («Мендирман».) 25. Бөлүп, ажыратып чыгаруу. *Май тартып суттөн сыгылып* (Турусбеков). *Тарткан суттүн каймагы.* 26. Катар, кырка ж.б. болуп туруу, тизилүү, туурасынан тура калуу. *Туура тарт. Кырка тарт. Катар тарт. Уй мүйүз тартып отуруу.* 27. Кандайдыр бир дабыш чыгара дем алуу, деми ичине тартылуу. *Коңурук тарт. Оп тарт. Кемпир ишене албай өңгөчүн тартып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Дем тарта албай калды.* 28. Оруу, чабуу, жан-

дыруу ж.б. максаттарга ылайык шилтөө, шилтей аракет кылуу. *Ширеңке тарт. Орок тарт. Береги чалгы тарткан келиндер негедир сумсайыңкы күлүшөт* (Сыдыкбеков). 29. Белгилүү бир убактан, мезгилден баштап. *Бүгүндөн тарта. Эртеңден тарта. Күздөн тарта. Келгенден тарта. Жаралгандан тарта* 30. Күч көрсөтүп же түрдүү аракеттерди, амалды колдонуп алып коюу, жулуп алуу, өзүнө оодарып, ыйгарып кетүү. *Колуктуңду тартып кетиштиби?* («Ала-Тоо»). *Атын тартып алып коюшту.* 31. «Токтот!», «жетишет!», «катылба» деген мааниде колдонулат. *Тарт тилиңди! Тарт колуңду!* 32. Бирөөнү өзүнө жакындатуу, өзүнүн таасирине өткөрүү, үйүр кылуу. *Баланы өзүнө тартып, боюна үйүр кылып алды.*

**ТАРТ ТИЗГИНИҢДИ** *к.* **тизгиниңди тарт.** – *Тарт, тизгиниңди! Тек тур. Качантан бери улуунун сөзүн укпай калгансыңар* (Абдукеримов).

**ТАРТАГАЙ** Колу-буту узун, келбети чоң, тарбайып көрүнгөн. *Алдыңкы киргени кара сакал, чап жаак, тартагай киши экен* (Убукеев).

**ТАРТАЙ** Буту-колу узун, тартагай көрүнүштө болуу. *Чаргын тартайып тура калды* (Сыдыкбеков). *Боорго чыгып даңкайган Тайлак төөдөй тартайган* (Осмонкул).

**ТАРТАЙТ тартай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРТАК** Тартайган, тартандаган.

**ТАРТАКТА** Тартак-тартак этип кыймылдоо, тарталактоо. *Омор жашыраак кезинде тартактап, өзүнөн качкан баланы кубалоодон да тартынчу эмес* (Сыдыкбеков).

**ТАРТАКТАТ тартакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРТАКТОО тартакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТАЛАКТА тартакта** менен бирдей.

**ТАРТАЛАҢДА тартаңда** менен бирдей.

**ТАРТАҢ: тартаң-тартаң этүү** Тартактап эби-сыны жок кыймылдоо.

**ТАРТАҢДА** Тартаң-тартаң этип кыймылдоо, тартактоо. *Тартаңдап качып таарынбай, Тайлашсаң боло, чырагым* (Токтогул).

**ТАРТАҢДОО тартаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТАР** Бөдөнөдөн чоңураак, узун буттуу, ылдам жөргөлөй турган куш. *Анын арка жагынан, Тартар келди такымдап* (Тоголок Молдо). *Тартардай тартайып, ээгиндеги эки-үч кылы сербеңдеп, кол башындай бөжөйгөн чал суу болуп, балтырына чыпташкан дамбалынын багелегин түрүп алууга чолосу келбей эртеден керели кечке суудан чыкпай жүргөн түрүн көргөн адам күлгүдөй* (Айтматов).

**ТАРТАРДЫ ТАЯКЕ, БӨДӨНӨНҮ БӨЛӨ КЫЛУУ** Мурда мамилеси, ымаласы жок адамды жакындатып, мамиле түзө коюу, бат эле таанышып алууга жөндөмдүүлүк, жекжаатчыл, шылуун. *Ушундай мезгилде тартарды таяке, бөдөнөнү бөлө кылган шылуундар да көбөйүп кетти* («Ала-Тоо»).

**ТАРТИП** 1. Белгилүү бир коомдун, уюмдун, жамааттын бардык мүчөлөрү баш ийүүгө милдеттүү болгон эреже, жобо. *Эмгек тартиби. Аскердик тартип.* 2. Жалпы эле жүрүш-туруш эрежеси, адамга мамиле кылуунун, өзүн алып жүрүүнүн жалпы нормасы. *Тартиби жакшы адам.* 3. Белгилүү бир нерсенин жалпы ирети. *Китептериңди тартипке келтирип жыйнап кой.*

**ТАРТИПТЕ** Тартипке салуу, иреттөө.

**ТАРТИПТӨӨ тартипте** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТИПТҮҮ** 1. Тартиптин эрежесин сактаган, тартипке баш ийген, тартиби бар. *Дүйшөнкул Шопоков тартиптүү, кайраттуу, туруктуу жоокер болду* (Бөкөнбаев). 2. Тартипке салынган, иреттелген.

**ТАРТИПТҮҮЛҮК** Тартипке баш ийгендик.

**ТАРТКЫ I** 1. Жыгач усталардын негизги аспабы. 2. Мылтыктын сүмбөсү.

**ТАРТКЫ II** Кыйынчылык, азап.

**ТАРТКЫЛА** Бир нерсени кайра-кайра тартуу, талашып-тартышуу. *Үйүнүн каалгасын тарткыласа да бекем* (Бейшеналиев). *Бирин-бири тарткылап, Балдар келет карачы* («Эр Табылды»).

**ТАРТКЫЛОО тарткыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТКЫЛЫК** Тарта турган кыйынчылык, азап, шор. *Тарткылыгың болсо тартарсың.*

**ТАРТКЫНЧАКТА тарткынчыкта** менен бирдей.

**ТАРТКЫНЧЫК** Кедерги, тоскоолдук, кесепет. *Сенин эмне тарткынчыгың бар?*

**ТАРТКЫНЧЫКТА** 1. Кандайдыр бир тарткынчыктан улам алдыга жылбай, артын көздөй тартылуу, кечигүү, кечендөө. *Аттар тарткынчыктап, баспай туруп алышты.* 2. *өт.* Батына албоо, тартынуу. *Аким тарткынчыктап сүйлөдү* (Сасыкбаев). *Мага кезек келгенде, мен аны билчү эмес элем деп, тарткынчыктай баштадым* (Элебаев).

**ТАРТКЫНЧЫКТАТ тарткынчыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРТМА I** 1. Элечектин белчесинен бастыра оролгон, жазылыгы төрт элиден ашыгыраак келип, бир нече кабат бүктөлгөн ак кездеме. *Казандай оролгон элечегине ак жибек тартма тартынган Күмүш чубалжыган көчтүн алдында келе жатат* (Жантөшев). 2. Столдун, шкафтын ж.б. үкөк түрүндөгү суурмасы. *Катчысы комитеттин кайра туруп, Тартмадан бир топ кагаз алды сууруп* (Үмөталиев). 3. *диал.* Басмайыл.

**ТАРТМА II** *аңч.* Тордун ичинде байлан-

ган байлоочту төлөдө жаткан саятчы улам тартып кыймылга келтирүүчү, талпындыруучу узун жип.

**ТАРТТЫР тарт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРТУУ I** Бирөөгө тартуулай турган, арнап бериле турган белек. *Алтымыш буудан айдатып, Алдына тартуу тартпайбы* («Эр Табылды»). *Жаныбыз да, башыбыз да силерге тартуу* (Жантөшев).

**ТАРТУУ II тарт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТУУЛА** Тартуу кылуу, бирөөгө белек кылып берүү.

**ТАРТУУЛОО тартуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТЫЛ тарт** этишинин туюк мамилеси.

**ТАРТЫМ** Тамекинин, насыбайдын бир тарта тургандай өлчөмү. *Бир тартым тамеки. Бир тартым насыбай.*

**ТАРТЫН** 1. Таңып алуу, байланып алуу (мис. чарыкты). *Бутуна чарык тартынып, Байлардын коюн багышкан* (Осмонкул). *Бурма белдемчи тартынып, башын ак жоолук менен кайра тарта буунган* (Каимов). *Курун бекем тартынды.* 2. Жалтануу, айбыгуу, тарткынчыктоо, батына албай коюу, тарткынчаактык кылуу. *Артыңа берет өнөрүң, Балам, тартынбай киргин жарышка* (Токтогул). *Ынтымак болсо калкыңда, Душманыңдан тартынба* (Бөкөнбаев).

**ТАРТЫНУУ тартын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРТЫНЧААК** Жалтанчаак, уялчаак, тартынган, батына албаган, өтүмү жок, жүрөгү жок. *Тартынчаак болбой, өтүмдүү бол* («Ала-Тоо»). *Бул дастанды жазмак элем мен эчак, Кечигипмин, даабай жүрөк тартынчаак* (Үмөталиев).

**ТАРТЫШ I** Белгилүү бир маселе жөнүндө болгон пикир келишпөөчүлүк, талаш. *Кычан тартышты башка жакка бурду* (Бейшеналиев). *Уюштуруу маселеси боюнча талаш-тартыштар көп болду* («Ала-Тоо»).

**ТАРТЫШ II** Жетиштүү эмес, кемчил. *Быйыл оокатыбыз тартыш боло койбос.*

**ТАРТЫШ III** 1. **тарт** этишинин кош мамилеси. *Согуш учурунда балдар турмуштун, чарбанын түйшүгүн, оорчулугун чоңдор менен тең катар кошо тартышты* («Мугалимдер газетасы»).

**ТАРТЫШТЫК** Жетишсиздик, кемчил, тартыш болуп турган абал. *Өткөөл мезгилдин баш аламандыктары, экономикалык тартыштык социалдык, маданий, руханий бир топ көйгөйлөрдү жаратты* («Агым»).

**ТАРТЫШТЫР тартыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРТЫШУУ тартыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРУУ I** Шыпыргы баштанып чыгуучу майда дандуу кара эгин жана анын даны. *Таруулар бышып таранып, Талыкшып боюн каранып* (Осмонов). *Таруу актоо. Таруу бозо.*

**ТАРУУ II тары** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАРЧЫЛЫК** 1. Оруңдун, жайдын ж.б. тардыгы, кенен болбогондук. 2. Кыйын шарт, кыйынчылык, жетишсиздик, тартыш болгон абал. *Тарчылык күнгө туш кылган Залимдердин заманы* (Токтогул).

**ТАРЫ** 1. Тар болуу, кичирейүү, кууш тартуу. *Өтүгүм тарып, бутумду кыса баштады* («Ала-Тоо»). 2. Сарандык кылуу, кенен, март, берекелүү болбоо. *Атаңдын пейли тарыды* («Чалкан»). *Азыр Манас барында, Абаке, дүнүйөдөн тарыба* («Манас»). 3. Кыйынчылык, тарчылык болуу, кысылуу. *Уламдан-улам заманалары тарып, санаалары санга бөлүнө баштады* (Жантөшев).

**ТАРЫТ тары** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАРЫХ** 1. Өсүү, өнүгүү, өзгөрүү процессинде болуп турган чындык, көрүнүш. *Тарыхтын мыйзамдары. Тарыхты жамандап жаман кылбайт киши, Тарыхты түзгөн миллиондогон кишилердин иши* (Шүкүрбеков). 2. Өткөн турмушка, доорго таандык болгон окуялардын, баштан кечирилген ар кандай иштердин, фактылардын ж.б. жалпы жыйындысы. *Өткөн иштин баарысы, Тарых болот турбайбы* (Барпы). *Турмуш тарыхы.* 3. Адам коомунун өнүгүшү жөнүндөгү илим. *Жаңы тарых. Байыркы дүйнөнүн тарыхы. Кыргызстандын тарыхы.* 4. Кандайдыр бир нерсенин өнүгүш, өзгөрүш жолу. *Кыргыз искусствосунун тарыхы. Тилдин тарыхы.* 5. Бирөөнүн башынан өткөн, бирөөгө же бир нерсеге тиешелүү, байланыштуу болгон окуялардын, фактылардын жыйындысы, алар жөнүндө айтылган же жазылып калтырылган баяндоо. *Баары журтка белгилүү, Маалым болгон тарыхым* (Тоголок Молдо). *Муслимахундун тарыхы баарыга маалым* (Жантөшев). *Окуучулар! Жаш Эшимдин тарыхын, Айтпасам да билесиңер аныгын* (Токомбаев).

**ТАРЫХИЙ** *туурасы:* **тарыхый.**

**ТАРЫХЧЫ** Тарых боюнча адис окумуштуу жана ушул жаатта адистешкен кызматкер.

**ТАРЫХЫЙ** 1. **тарыхка** таандык. *Тарыхый процесс. Тарыхый эстеликтер. Тарыхый изилдөөлөр.* 2. Реалдуу чындыкка туура келген, болгон, болуп өткөн, ойдон чыгарылган эмес. *Тарыхый факт. Тарыхый окуялар.* 3. Тарыхка кирген, белгилүү болгон, тарых үчүн өзгөчө мааниси бар. *Тарыхый дата.* 4. Тарыхта болгон окуяларга, тарыхый фактыларына негизделип иштелген, ошолорду негиз кылып алган. *Тарыхый роман. Тарыхый картиналар.* 5. Кубу-

лушту, ар кандай нерсени өнүгүү, өсүү жагынан алып текшерген, өсүү, өнүгүү жактары менен бирдикте алып караган. *Тилдин тарыхый грамматикасы.* 6. Коомдун өнүгүшүнүн белгилүү этабына ылайык келген, коомдун белгилүү бир мезгилинде пайда болгон, түбөлүк эмес, өзгөрүп турган. *Тарыхый категория.*

**ТАРЫХЫЙ ТЕМА** *адаб.* Тарыхый окуялар, чыныгы жашап өткөн адамдар жөнүндө жазылган чыгармалар.

**ТАРЫХЫЙ ЫРЛАР** *адаб.* Эл башынан өткөн окуялардын башкы каармны болгон тарыхый инсандар жөнүндөгү элдик ырлар.

**ТАСКАГЫ ЧЫГУУ** Жаман жоругу, терс жүрүш-турушу билине баштоо. *Бул келиндин таскагы чыгып, эл оозунда айтыла баштады* («Чалкан»).

**ТАСКАК** Аттын желгенден катуу жүрүшү. *Ат таскагын жазбай келе жатты* (Баялинов). *Таскагы катуулаган сайын Чоң Торунун жал куйругу жайыла түшөт* (Сыдыкбеков).

**ТАСКАКТА** Таскагын салып чуркоо, таскак менен жүрүү. *Тор кашка ооздугун күрт-күрт чайнап, таскактап жөнөдү* («Ала-Тоо»).

**ТАСКАКТАТ таскакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАСКАКТОО таскакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАСКАКТУУ** Таскак жүрүштүү, таскагы катуу.

**ТАСКАРА** *туурасы:* **таз кара.**

**ТАСКЫЛ** 1. Тасырайган, жылмакай, тегиз. 2. Жүгү жок же түгү өтө кыска, жылмакай (тери).

**ТАСЛИМ** 1. Тапшыруу, берүү, өткөрүп берүү.

**ТАСМА I** 1. Эчкинин ийленген чылгый терисинен тилинген кайыш, көк. *Чыгарып тасма кайыш канжыгамды, Чырмадым карыштыра оозун таңып* (Осмонкул). 2. Тилке сызма. *Кырмандын бир четинде трактор турат, ал тасма менен молотилканын боорундагы кичине дөңгөлөктү чарк айландырып жатат* (Баялинов).

**ТАСМА II** *диал.* Дасмал.

**ТАСМА III** Боолукка жарачудай бышык, узун, сыйда, ичке өскөн өсүмдүк.

**ТАСМА БЕЛ** Ичке, сындуу бел (кыздарга, аялдарга карата).

**ТАСМА ЧИЙ** Чылгый териден жасалган жип, көк менен токулган чий. *Тасма чийден тарттырып* («Манас» С.О.).

**ТАСМАЛ I дасмал** менен бирдей. *Самолётто, же кемеде – деңизде, чайканада, тойдо – тасмал четинде* (Сахгами). *Бермет тасмалга оролгон бир токочту колтугуна кысып, абышкасына келет* (Сыдыкбеков).

**ТАСМАЛ II** *к.* **тазмал.**

**ТАСМАЛДА** *туурасы:* **тазмалда.**

**ТАСМЫЯ** Болгон мүлк, каражат, болгон алы, күчү, кудурети, билгени. *Бар болгон тасмыям ушул.*

**ТАСТАЙ** 1. Жыпжылма болуп тасырайып туруу, бырышы жок, жаркыраган көрүнүштө болуу. *Күлө багып кашкайып, Күзгүдөй бети тастайып* (Тоголок Молдо). *Аяктай чолпон балбылдап, Атып чыкты тастайып* (Осмонкул) 2. Тайманбай, ийменбей кароо, уялбоо. *Тастайып карап туруу.*

**ТАСТАЙТ тастай** этишинин аркылуу мамилеси. *Карыя улам калпагын алып, тастайта кырылган башын жүзаарчысы менен сүртүп коюп жетээр жери көзүнөн учуп, чарчап келатат* («Ала-Тоо»).

**ТАСТАҢ: тастаң-тастаң этүү** Тайманбай тике кароо, кымырылбаган, ийменбеген көрүнүштө болуу.

**ТАСТАҢДА** Тастаң-тастаң этүү. *Акия жанында миң киши карап турса да тастаңдап ылдам* (Сыдыкбеков). *Жоргонун маңдайы өйдө тарткан эликтей тастаңдайт* (Сыдыкбеков).

**ТАСТАҢДАТ тастаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАСТАҢДОО тастаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАСТАР: тастар боо** *же* **тастар жип** Боз үйдүн түндүгүнөн баштап босогого карай тартып байлоочу боосу.

**ТАСТАРЛУУ I** Тастары бар (боз үйгө карата).

**ТАСТАРЛУУ II** Күйөөгө тийген, үйлүү-жайлуу, башы байланган ургаачы. *Такыялуубу, тастарлуубу? – дегенде такыялуу десе күйөөгө чыга элек кызды, тастарлуу десе күйөөгө чыккан, күйөөсү бар жаш келинди түшүнөбүз. Кыз мүнөзү кылтайбай, Тастарлуу жайы бар экен* («Манас» С.О.).

**ТАСТАЮУ тастай** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАСТОРКОН** *туурасы:* **дасторкон.** *Тасторкон четинде кайрып сурай албай калган сөздүн аныгына жетүү үчүн Гүлжан курбусунун артынан сыртка чыкты* («Кыргызстан маданияты»).

**ТАСТЫКТА** Бекитүү, растоо, күбөлөндүрүү.

**ТАСТЫКТАЛ тастыкта** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАСТЫКТАЛГАН** Бекитилген, аныкталып, такталган. *Абдырахмандын колунан бир ором кагазды, хандын мөөрү менен тастыкталган кагазды кош колдоп алып, урматтап өөдө көтөрдү* (Касымбеков).

**ТАСТЫКТАМА** 1. Өндүрүлгөн өндүрүмдүн сапатын күбөлөндүрүүчү атайын мекеме тарабынан берилген документ. 2. Алган билимин, өткөн же аяктаган практикалык ишинин сапатын, аныктыгын күбөлөндүрүүчү документ.

**ТАСТЫКТОО тастыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАСЫ** *туурасы:* **дасы.**

**ТАСЫРАЙ** Такыр, жыпжылма болуп көрүнүү, кашкаюу. *Асман аарчып таштагандай тасырайып турат* (Байтемиров). *Кырманды сугарып таштагандыктан, тасырайып чаңсыз* (Жантөшев).

**ТАСЫРАЙТ тасырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАСЫРАКАЙ** Тасырайган, жылмакай тарткан, жылма.

**ТАСЫРАНДА** Тайманбай, ийменбей ачык сүйлөө, тартынбоо (көбүнчө кыз-келиндердин улууларга кылган мамилесине карата). *Кечээ эле алган келинин тасыраңдап айылды аралай чаап күндө төркүнүнө каттап, үйдө ээн-элкин басып, неберелерине чоң сүйлөгөнүн жактырбай Кадыркул карыя өзүнчө эле туталана берчү болду* («Агым»).

**ТАСЫРАНДАТ тасыранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАСЫРАНДОО тасыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАСЫРАЮУ тасырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАТ** 1. Тил аркылуу татканып даамын билүү. 2. Тамактануу, оокат-аш ичүү, жеп көрүү. *Үйгө кирип, даам татып чык* (Убукеев). *Алмаңдан бирди ыргытчы, Даамын татып көрөйүн* (Маликов). *Жалында жүрүп, жан сергек аттын, Көбүргөн кымыз, көөкөрдөн таттым* (Кулумбаев). 3. Турмуш-тиричиликтин ар кандайын: ачуу-таттуусун, оор-жеңилин, азап-тозогун башынан өткөрүү, билүү. *Татыбек турмуштун али эч бир даамын тата электигин эстеп кайгырды* (Байтемиров). *Кабылып катаал турмуш бороонуна, Тагдырдын ачуу даамын татканымды* (Байгазиев).

**ТАТААЛ** 1. Курамы ар түрдүү, бир канча бөлүктөрдөн, элементтерден турган, түзүлүшү жөнөкөй эмес. *Татаал сүйлөм. Татаал сандар.* 2. Түшүндүрүүгө, аткарууга, чечүүгө ж.б. кыйындык кылган, жеңил эмес, оор, кыйын. *Татаал иш. Татаал маселе. Татаал шарт.* 3. Басып өтүүгө, ишке ашырууга, жүрүүгө, иштөөгө ж.б. кыйынчылык келтирген, кыйноо тарттырган, тоскоолдуу, азаптуу. *Ашуусу бийик, кыясы тайгак, жолу татаал* (Убукеев). *Коркунучтуу бут баспаган татаал жерлерге ар түрдүү унаалар жүрчү жолдор салынды.*

**ТАТААЛДАН** Татаал боло баштоо, кыйындоо. *Кендеги иши татаалданып жаткандыктан, Ашыр үйүнө барып келүүгө чолосу тийбей жаткан эле* (Сасыкбаев).

**ТАТААЛДАНТ татаалдан** этишинин аркылуу мамилеси. *Турмуш татаал эмес, аны татаалданткан адамдар* (учкул сөз).

**ТАТААЛДАНУУ татаалдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАТААЛДЫК** Кыйындык, татаал, оор болгон шарт, абал. *Жолдун татаалдыгына карабастан, ылдамдата бастырдым* (Мидин). *Бирок, өмүрдүн татаалдыгы жана кызыгы – адам өз учурунда жаңылыштыгын сезе билбегендигинде* (Стамов).

**ТАТАЙ I** Бир нерседен чочулаганда, коркcондо көбүнчө аял тарабынан колдонулат. *Татай көтөк, не дейсиң? Бул сөзүңдү ит уксун, Ит укпаса, ким уксун*! («Манас»). 2. *диал.* Жаш баланы эркелеткенде айтылчу.

**ТАТАР: кызарып-татаруу** Абдан ачуусу келгенде, күч келгенде ж.б. учурларда буулугуп кызарып кетүү. *Жигиттер мага күлгөндө, кызарып-татарганым аз келгенсип, көзүмө жаш ирмеле түшөт окшойт* (Айтматов) *Асантай какап-чакап эткел бетинен кан серпилчүдөй татара түшкөндө, туш-туштан жакшылардын үнү чыкты* (Сыдыкбеков).

**ТАТАРЛАР** 1. Татар калкынын негизин түзгөн эл. 2. Крымда, Сибирде, Повольжеде жашоочу түрк элдеринин группасына кирүүчү кээ бир элдердин аты (наамы). 3. 13–15-кылымдарда Алтын Ордо мамлекетине бириккен ар түрдүү түрк, монгол жана бир катар башка улуттардын аты.

**ТАТКАН** Жеп даамын татуу, даам сызып тамактануу, тамак-аш жеп ичүү, татыгын алуу. *Бышкан мөмө мөлтүрөшөт, Кантип өтөм татканбай* (Бөкөмбаев). *Аттар өгүнү бир жолу эгинге татканып калган эле* (Элебаев).

**ТАТКАНДЫР таткант** менен бирдей.

**ТАТКАНТ таткан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАТКАНУУ таткан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАТКЫЗ тат** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАТТУУ** 1. Кантка, балга ж.б. мүнөздүү даам, татты. *Апам дүкөндөн кант, набат, мейиз жана ушуга окшогон таттуу нерселерди сатып келди.* 2. *өт.* Уккулуктуу, жанга жагымдуу, сүйкүмдүү. *Эл таттуу уйкуда жатышат. Кичи пейил, шамдагай, Сөзү таттуу курч эле* (Токомбаев). *Алакандан чымчык жеп чокугандай, Колуңдан жегем таттуу талканыңды* (Байгазиев). 3. Ынак, ынтымактуу.

**ТАТТУУЛАШ** Таттуу болуу, ынак, бирибирине жакын болуу, достошуу, элдешүү, жарашуу.

**ТАТТУУЛАШТЫР таттуулаш** этишинин аркылуу мамилеси. *Бактыгүл таарынышкан эки курбусун таттуулаштыруу максатында үйүнө чайга чакырды* («Ала-Тоо»).

**ТАТТУУЛАШУУ таттуулаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАТТУУЛУК** Ынактык, ынтымактуулук.

**ТАТТЫ** 1. **таттуу** менен бирдей. 2. Кант, набат, момпосуй ж.б. сыяктуу таттуу даамтатымдардын жалпы наамы.

**ТАТТЫР тат** этишинин аркылуу мамилеси. *Даам таттырып жөнөттү.*

**ТАТТЫР таткыз** менен бирдей.

**ТАТУИРОВКА** Ийне менен чегип териге тартылган сүрөт.

**ТАТУУ I** Бири бирине жакын, ынак, ынтымактуу. *Силер татуу болсоңор, биздин көңүлүбүз куунак* (Байтемиров). *Сыр алдырбай бирөөгө, Болгула татуу ынтымак* (Осмонкул).

**ТАТУУ II тат** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАТЫ** 1. Даамы келүү, даамдануу. *Арзандын сорпосу татыбайт* (макал). *Суусунга балдай татыган, Сууларың кетпес көңүлдөн* (Бөкөнбаев). *Тойгондо токтунун эти топурак татыйт* (макал). 2. *өт.* Жалпы сапаты, көлөмү, күчү ж.б. жактары боюнча экинчи бирөөнө же башка бир нерсеге тең келүү, барабарлашуу, ошончолук боло алуу. *Бириң миңге татыган, Баарың баатыр балбан эр* («Эр Табылды»). *Тапканы татыбай, алганы арзыбай жүрөт. Ал бейжайга татыйт, анын сазайын берет.*

**ТАТЫК** 1. Даам. *Бул кыз теңтуштарын көрсөтсө, алар жемиштин татыгын алышып, жабыла келишет го эми* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Бир нерсеге арзый тургандык, жарай турган, баалуулук. *Сынчыдан чыга берет сөздүн курчу, Татыгы сыналганча жете турган* (Токомбаев).

**ТАТЫКСЫЗ** Татыгы жок туз. Бир нерсеге арзыбай турган, маанисиз начар, жагымсыз. *Сенин татыксыз өмүрүңө мен күнөөлүүмүн* (Каимов). *Татыксыз турмуш мунарып, Өтпөчүдөй чубалып* (Токомбаев).

**ТАТЫКТУУ** Арзый турган, татырлык. *Татыктуу белек. Түгөлдүн сыймыкка татыктуу экендигине эч кимиси шек кылышкан жок* (Бейшеналиев). *Татыктууга дөөлөтү жугуп турат, Татыктууну бакыты даңктуу кылат* (Баласагын).

**ТАТЫКТУУЛУК** Сапаты, мааниси, күчү ж.б. жактарынан алганда барабар келгендик, жарамдуулук.

**ТАТЫМ** 1. Туздун, бир тамактын бир жолу татыгыдай өлчөмү. *Бир татым туз.* 2. **татык** менен бирдей. *Татымы жок. Татымы начар.*

**ТАТЫМАЛ** Даамын жакшыртуу же даамтатыгын келтирип жасоо үчүн тамак-ашка кошулуучу калемпир, мурч, пияз ж.б. сыяктуу ар кандай нерселердин жалпы наамы.

**ТАТЫМДУУ** Жакшы татый турган, даамдуу.

**ТАТЫМДУУЛУК татыктуулук** менен бирдей.

**ТАТЫНА** Жакшынакай, татынакай. *Жаңаша чыккан эки гүл, Кызыл, сары татына* (Үмөталиев).

**ТАТЫНАКАЙ** 1. Көрүнүшү, келбети сулуу, сымбаттуу, жакшынакай. *Омордун көзүнө кыз алда кимдей болуп татынакай көрүндү* (Сыдыкбеков). *Трактор кичинекей дөңсөөдөн өтө бергенде, тоо этектеп орношкон татынакай кыштак көрүндү* («Ала-Тоо»). *Сабыр татынакай бөбөгүн ээрчитип алып киного кетти.* 2. Жагымдуу, келишкен, сонун, жарашыктуу, тартиптүү ж.б. *Жамал татынакай кылып өзү саймалаган чыптамасын кийип жаңы жоолугун салынып, жыйналышка жөнөдү* («Ала-Тоо»). *Саат алты боло электе эле татынакай кийинген айыл эли шайлоо пунктуна толуп кетти* («Аалам»). *Уккулуктуу, булбулдун таңшыганындай татынакай күү угулду* (Каимов).

**ТАТЫРА** Тытырап, тарсылдап атылгандан ж.б. чыккан үн. *Замбирек татырады арт жагынан, Каталбай курган башты көбү качты* (Үмөталиев) *Батыйлардын кошунунун ичинде көчмө кино аппараты татырап жатат* (Сасыкбаев).

**ТАТЫРЛЫК** Арзырлык, жарарлык, татый аларлык. *Бурманын тамашасына татырлык жооп таба албай, Сатылган көйнөгүнүн жакасын тегерете берди* (Токомбаев). *Акматжан дүнүйө жагынан бир болуш элге татырлык* (Элебаев).

**ТАТЫТ таты** этишинин аркылуу мамилеси. *Быйылкы катуу кыш, чалдыбары чыккан чарбачылык далайлардын эне сүтүн оозуна татытты го* («Агым»).

**ТАХИКАРДИЯ** Ар кандай физиологиялык, патологиялык таасир аркылуу жүрөктүн согушунун күчөшү.

**ТАХМАН** *диал.* Мебель ж.б. буюмдарды коюу же кооздук үчүн атайын жасалган дубалдагы оюк, терендик. *Төр жактагы тахманга катарлата коюлган бир нече сандык* (Жантөшев).

**ТАХОМЕТР** Айлануунун ылдамдыгын өлчөөчү аспап, шайман.

**ТАХТА** Артында жөлөнгүчү жок кең диван.

**ТАЧКА** Түртүп жылдыра турган дөңгөлөктүү кол араба. *Тачкачылар тачканы түртүп жөнөйт* (Сасыкбаев).

**ТАШ I** 1. Сууда эрибей турган, тоо тектеринин тобуна кирүүчү ар түрдүү көлөмдөгү катуу зат. *Жалпак таш. Борчук таш. Майда таштар. Окчун жатып калыптыр, Борчук ташка ат байлап* («Эр Табылды»). *Ташты ташка урган менен маңдайга тамызууга суу чыгабы?* (Жантөшев). *Таш келсе чайна дептир тишиң барда, Тиштен соң чайнаганга айла кайда?* (Бегимкулова). 2. Таразага салып, тендештирип өлчөө үчүн колдонулуучу белгилүү бир салмакта жасалган (1 килограммдык, 500 граммдык ж.б.) металл куймалары же ошондой эле максатта колдонулуучу башка нерселер, кадак таш. *Бир килолук таш. Жүз граммдык таш. Таразага таш салып, Өлчөп болбойт акылды* (Үмөталиев). 3. Шахмат, шашка

оюндарынын фигурасы. Бильярддын шарлары. 4. *тар.* Белгилүү болуп туруу үчүн кытай, калмак чиновниктердин же жогорку даражалуу төрөлөрдүн баш кийимине сайып алуучу белгиси. *Таш сайынган манжундан, Күчтүүлөрү келсин де* («Манас»). *Таш сайынган калмактын төрөлөрү ээлигип* («Манас»). 5. *анат.* Эркектин урук бези.

**ТАШ II** *эск.* Сегиз километрге барабар келген узундук өлчөмү. *Жети таш жерге тигилген, Жетимиш уруу тал калды* («Манас»). *Жан келгендин баарысын, Жарым таш жерден өкүртүп* («Манас»). *Жарым таш жерге барышты* («Манас» С.О.).

**ТАШ БАКА** Асты жана үстү сөөк калкан менен капталган, кыска буттуу, акырын, жай жүрүүчү жаныбар.

**ТАШ БАЛАКЕТ ЖОК** Эч нерсе жок. *Бара калса белен машина турмак таш балакет жок* («Чалкан»).

**ТАШ БАРАҢ** 1. Мөндүрдөй, жаандай жаадырган таш. 2. Илгерки жазанын бир түрү. Оор күнөөлүү адамды чуңкурга салып коюп таш менен ургулап көмүп салуу.

**ТАШ БАРАҢГА АЛУУ** Жабыла таш ыргытып уруп кирүү, жабыла уруу. *Кимдир бирөө түн ортосунда Сагымбайдын мейманканасынын терезелерин таш бараңга алып, бүт талкалап таштап* (Абдукаримов).

**ТАШ БИЛЕК** Абдан карылуу, күчтүү, балбан. *Жолборс жүрөк, таш билек, Жоругу катуу таш жүрөк* («Манас»).

**ТАШ БООР** Ырайымсыз, эч кимге жаны ачыбаган, ыракымы жок, кара мүртөз. *Таш боор атанын таягы, өгөй эненин тырмагы акыры жаш кыздын кырчындай өмүрүн кыркты. Тыныбектен өткөн таш боор, мээримсиз болгону үчүн атасынан көңүлү сууду* (Каимов). *Таш боордукту тактан кулатып, Таппасак дейм жерден кара так* (Акбаров). **В.: Боору таш.** *Кас душман, Жүрөгү муз, боору таш* (Үмөталиев). *Мээримсиз, боору таш байдан эмнени күтүүгө болбойт* (Баялинов).

**ТАШ БУЛБУЛ** *диал.* Булбулдун тоо-таштуу жерлерде жашай турган түрү. *Таш-ташка зыпылдап учкан таш булбул да болот.*

**ТАШ ЖАЛАК КАЛУУ** Кандайдыр бир нерседен же энчиден эч нерсе албай куру кол калуу, эч нерсеге жетпей, сызга отуруп калуу. *Бардыгынан таш жалак кала берди* (Жантөшев). *Эч кимди кармай албай таш жалак калды* (Каимов). *Коноктордон бир деме артса шам-шум этип, артпаса ар дайым таш жалак калчу эле* (Жантөшев). **В.: Куру жалак калуу.** *Бардыгынан куру жалак калды.*

**ТАШ ЖАРУУ** 1. Абдан катуу, ачуу угулуу (үн, добуш ж.б. карата). *Өкүргөндөн бакырып, Айкырыгы таш жарып, Мүшкүл тартып турду эле* («Эр Төштүк»). 2. Элге кеңири тароо, маалым болуу, белгилүү болуу (атак-даңкка карата). *Башкарманын атагы таш жарып, районго маалым боло берди* («Ала-Too»).

**ТАШ ЖҮРӨК** 1. Таш боор, катаал, мээримсиз. *Ал ошондой, балага мээрими жок таш жүрөк* («Чалкан»). *Баланын убал-сообунан коркобу сага окшогон таш жүрөк* («Эркин Тоо»). *Ушунчалык үйрүлүп түшүп, эгилип-жагылып жатса да бир ийигип койбогон таш жүрөктөр болот экен да* («Ала-Тоо»). 2. Кажыбас кайраттуу, тайманбаган эр жүрөк, баатыр. *Жолборс билек, таш жүрөк Жоодон корккон жан эмес* («Манас»). *Жолборс моюн жоон билек, Жоругу кыйын таш жүрөк* («Манас»). *Коңурбай жайын сураба, Кайраты толук таш жүрөк* («Манас»).

**ТАШИЗМ** XX кылымдын ортосунда искусстводо пайда болгон агым, абстракционизмдин бир түрү, көркөм мазмунду түстүү тактар, түстөр аркылуу чагылдыруу ыгы.

**ТАШ ИЧ** Ичкен-жегениң аш болбосун деген мааниде колдонулуучу каргыш. *Арак ичпей таш ичкин!*

**ТАШ КАБУУ** Максатына, тилегине жетпей калуу, иши онунан чыкпоо, ойлогон ою, үмүтү ойрон болуу. *Тилеги таш капканын түйдү* (Каимов). *Таалайлуу элге катылган, Таш капсын анын тилеги* (Тоголок Молдо). *Оросулдун Ак-Суулук жатакчыларга болгон жакшы үмүтү таш капты* (Осмоналиев). *Душмандын үмүтү таш капты* («Ала-Тоо»). **В.: Таалайы таш кабуу.** *Ушул улуу кыйкырыкта – таалайың таш капты деген элдин ачуу кыйкырыгында улуу үмүт бар эле* (Абдукаимов).

**ТАШ КАЗАН** 1. **к. таш кордо.** 2. Балдар оюнунун бир түрү.

**ТАШ КАЛАК** Койдун кургак корголу (отун катары). *Турмуштары сонун, «Таш калакка» ышталып отуруучулар калбаптыр* (Убукеев).

**ТАШ КЕМЕГЕ** Таштан жасалган кемеге. *Тараша суунун боюна, Таш кемеге жандыртып* (Дүйшеев).

**ТАШ КЕСЕК АЛУУ** Суук тийгенден шишиги чоноюп, күч алып кетүү, кабылдоо. *Жаратын таш кесек алып кетти. Кесип алган жерин таш кесек алып кетиптир* («Чалкан»).

**ТАШ КОРДО** 1. *эск.* Жоокерчиликте ичине ысытылган таштарды салып, тамак бышырууга ылайыкталып, жылкынын терисинен жасалган идиш. 2. Жаңы союлган койдун, эчкинин, кийиктин этин өзүнүн карынына же көөдөнүнө салып туюктап, катуу ысытылган, майда таштарга, корго көөмп бышырылган эт тамагынын түрү. *Мергенчилер үңкүргө барып, аркардын этин таш кордо кылып бышырышты* («Жомоктор»). *Силерге таш кордо бышырып берейин деп, мергенчи сулап жаткан текени союга камынды* (Жантөшев). **В.: Таш казан.**

*Кийиктин этин таш казанга бышырып жеген* (фольк.).

**ТАШ КӨМҮР көмүр** менен бирдей. *Бункерлерден куюлган таш көмүр платформаларга толууда* (Сасыкбаев).

**ТАШ КУЛАК** Кулагы катуу, керең, дүлөй. *Таш кулак немеге кыйкырып айт, антпесең укпайт деди* («Ала-Тоо»).

**ТАШ МЫЛТЫК** Бир жак жиби таяктын учундагы таш салгычка бекитилген, балдар ичине таш салып ыргытып ойноочу салмоор сыяктуу оюнчук. *Мен анда төрт жаштамын эс-эс билем, Эрмектеп таш мылтыкты ойноп жүрөм* (Шимеев).

**ТАШ ООЗУҢА!** *к.* **оозуна таш.**

**ТАШ ӨБӨК** Ат үстүндө ээрдин алдыңкы кашына өбөктөө.

**ТАШ ӨБӨК САЛ, ТАШ ӨБӨК ТАРТ** Эки колун бооруна алып, ээрдин кашын карай өбөктөй отурган абал. *Караганга бети-башын тарттырбоо амалында, атчандар таш өбөк тарта чубама жол менен жай бастырышууда. Карымшак таш өбөк салып, кез-кез чырт түкүрүнүп, башын көтөргөн жок* («Ала-Тоо»).

**ТАШ САЙЫНУУ** Төрөлүк белги.

**ТАШ ТАЛКАНЫ ЧЫГУУ** *к.* **ташы талкан болуу.**

**ТАШ ТАЛКАНЫН ЧЫГАРУУ** 1. Жок кылуу, кыйратуу, талкалоо, ойрон кылуу. *Таш талканын чыгарып, Такыр кырып салганы* («Манас»). 2. Бүтүрүү, аягына чыгаруу, майын чыгара, мыкты иштөө. *Бүтпөй жаткан жумуштун, Таш талканын чыгарып* (Шамшиев). **В.: Ташын талкан кылуу.** *Каршылашкан душмандын, Ташын талкан кылабыз* (Осмонкул). **Талканын чыгаруу.** *Ополдун максаты аларды камынтпай басып, талканын чыгаруу* (Осмоналиев).

**ТАШ ТАШТОО** Шайлоо. *Келерки жылы таш таштоо. Аны унутпайлы да, уулум* (Даникеев).

**ТАШ ТИШТЕГЕНДЕЙ БОЛУУ** Унчукпоо, кайрып сөз айта албоо, жаагы жап болуу. *Эч сөз айта албай таш тиштегендей болду да калды* («Ала-Тоо»). *Күлүп отургандар таш тиштегендей болуп, жаактары жап болушту* (Байтемиров).

**ТАШ ТИШТӨӨ** Тилеги ордунан чыкпай калуу, тилеги таш кабуу. *Же андан, же мындан болбой, таш тиштеп калбайын* (Каимов).

**ТАШ ТОКУМ** 1. Алдан-күчтөн тайдырган оор жүк, тукулжураткан азаптуу эмгек, жан кыйнаган мээнет. *Таш токум болуп арыган, Өзү кашаң карыган* (фольк.). 2. Минген атын бат эле арыктаткан, куу токум, куу тердик. *Таш токум киши.*

**ТАШ ТУЛГА** Үч жагына же тегерете таш коюп, казан асуу үчүн ылайыкталып жасалган очок, кемеге.

**ТАШ ТУЛГАДАЙ** Өңү жаман, кеби-сыны жок, тултук беттүү түрү суук.

**ТАШ ТҮЛӨК** Эки түлөгөн бүркүт.

**ТАШ ТҮШКӨН ЖЕРИНДЕ ООР** Көбүнчө күйөөгө чыккан кызга карата ошол жерден жай тап, экинчи ордуң козголбосун деген мааниде колдонулат. *Балам, жеңил ойлобо, таш түшкөн жеринде оор, ушул бала менен оокат кыл, өмүр сүр деди (*«Ала-Тоо»).

**ТАШ ТЫРМАК** *к.* **жез тырмак.** *Таш тырмак абысыныңдын берип жиберген базарлыгынан ооз тийгизип, качан чай бересиң? – деди Бурма шакылыктап* («Асаба»).

**ТАШ ЧАЙ** Чайдын жалбырактарынан уютулуп, жалпак, төрт чарчы кылып чыгарылган чай.

**ТАШ ЧАЙНАП ТУРГАН КЕЗ** Болуп-толуп, арааны жүрүп, толук бийлик жүргүзүп турган учур маанисин туюндурат. *Мындай сулууларды таш чайнап турган кезинде эч күнөөсү жок эле аттын куйругуна байлап айдатчу* (Осмоналиев).

**ТАШ ЧЕГҮҮЧҮЛҮК** Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

**ТАШ ЧЫНЫ** Фарфор чыны. *Таш чыныларга чай куюп четте отурган кошчу жигитке сунду* (Абакиров).

**ТАШ ЧЫРАК** Шишесин зым менен тордоп койгон көтөрүп жүрмө чырак. *Үстөл үстүнө кош таш чырак коюлду* (Мавлянов).

**ТАШ ЫРГЫТУУ** Тийишүү, мазактоо. *Сырбай таш ыргыткандардын шылдыңын кыпчып да койгон жок* (Осмоналиев).

**ТАШБАРАҢ КЫЛУУ, ташбараңга алуу** Таш менен мөндүрчө жаадырып уруп өлтүрүү. *Эми силерди эл ташбараңга алышат* (Токомбаев).

**ТАШКА ТАМГА БАСКАНДАЙ** Ачык-айкын, даана, так, унутулгус. *Жакшынын акылы ташка тамга баскандай* (макал). *Сырларынын бардыгын ташка тамга баскандай санап өттү* (Жантөшев). *Бирөөнүн кемчилигин же кылмышын көрсө ташка тамга баскандай айтып коёт* (Жантөшев).

**ТАШКАПКАН** *аңч.* Бири-бирине тээктелип, алдына жем бастырылып коюлган, жемди тартып алганда, тээгинен тайып кетип, басып калуучу таштан коюлган ыкма.

**ТАШКЫН** Суунун жээктен ашып-ташып, кириши. *Ташкын суу тамырын жулуп агызды, Ошол жердеги бүткүл чөптү* (Шүкүрбеков). *Ташкын болуу. Суу ташкыны. Шаркырайсың дайра мисал жаздагы, Ташкыныңа не туш келсе уратып* (Келдибекова).

**ТАШКЫНДА** 1. Жээктен ашып-ташуу, кирүү, ташкын болуу. *Ташкындап жаткан дайраны, Тамчыдай сезип көрбөдүң* (Бөкөнбаев). 2. Толуу, артуу, көбөйүү, күчүнө кирүү. *Таланты ташкындаган жаштар. Зарданып көргөн кордугум, Ташкындайт менин ичимде* (Токтогул).

**ТАШКЫНДАН ташкында** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАШКЫНДАТ ташкында** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАШКЫНДОО ташкында** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАШПИШ** Убарачылык, убара, кам көрүү. *Бизди болсо кыйнаба. Өз ташпишибиз башыбыздан арылбай турат* (Айтматов).

**ТАШТА I** 1. Колдон түшүрүп же ыргытып жиберүү. *Китепти жерге таштап салбай, үстөлдүн үстүнө кой, балам* («Ала-Тоо»). *Кетмендерди кайда таштаган элең* («Ала-Тоо»). 2. Көңүл бурбай, карабай коюу, калтырып кетүү, карабай кетип калуу. *Үйүңдү таштап талаага, Жатпагыла, балдар ай* (Барпы). *Бала-чакабызды таштап кете бергидей кара бет, жел таман кишилерден эмес элек* («Ала-Тоо»). *А бизди кантесиң, Зуураш?.. Таштайсыңбы?..* (Жакиев). 3. Керексиз, пайдасы жок нерсе катарында колдон чыгаруу, колго албай коюу. *Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун!* (Турусбеков). 4. Калтырып коюу, токтотуп коюу, экинчи кайталабоо, тыйылуу. *Тамекини ташта. Аракты ташта. Ушул кежирликти таштасак, чатакты унутушсак* (Сыдыкбеков). 5. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Сындырып таштады. Ыргытып таштады. Жууп таштады.*

**ТАШТА II** Таштан тазалоо, ташын иргеп алуу, ташын арылтуу, ташы жок кылуу. *Күрүчтү таштан тазалады. Таруну таштап бүтүрдү.*

**ТАШТАЙ КАТУУ** Үндөбөй, кыймылсыз, мелтиреп, терең ойлонуп отуруу. *Жалгыз Жексур таштай катып отурат* (Осмоналиев). *Кудайберген эмне кыларын билбей таштай катып, селейип отуруп калды* (Мырзаев). *Ысактын бүткөн бою чымырап, көздөрү ымыр-чымыр болуп, кулагы чуулдап, элейген калыбында таштай катты* («Ала-Тоо»).

**ТАШТАК** Таштуу, ташы көп (жерге карата). *Аскалуу капчыгай, таштак жол, ысык күндө акындын жаны кыйналды* (Бөкөнбаев). *Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо, какыраган таштак* (Жантөшев).

**ТАШТАЛ ташта** этишинин туюк мамилеси.

**ТАШТАНДЫ** 1. Керектен чыккан, керекке жарабаган, таштала турган акыр-чикир. 2. Энеси тирүү боло туруп, ар кандай себептер менен, бирөөлөр багып алар деген үмүттө таштап кеткен бала.

**ТАШТАТ ташта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАШТЕК I** 1. *диал.* Көздү күндүн күчтүү жарыгынан сактоо үчүн же карыгып кетпесин үчүн (көбүнчө кышында) атайын кылдан жасалган көз айнек. *Көзүндөгү таштеги тегирмендин ташындай* («Семетей»). 2. Көз айнек.

**ТАШТЕК II чылапчын** менен бирдей.

**ТАШТОО ташта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАШТУУ** 1. Ташы көп, таштак. *Таштуу жерди баса албай, Ташыркаган кезегим (*«Жазгыч акындар»). 2. *эск.* Белгилүү болуп туруу максатында (кытай, калмак төрөлөрүнүн) баш кийимине сайынып алган ташы бар, белгиси бар.

**ТАШТЫН УЮЛУНДАЙ** Чымыр, бек. *Тулкуңуздун кадиги жок, уюлундай таштардын* (Токомбаев).

**ТАШУУ I ташы I** этишинин кыймыл атоочу. *Өзөндүн кирген суулары уламдан-улам көбөйүп ташууда.*

**ТАШУУ II ташы II** этишинин кыймыл атоочу. *Жүк ташуу. Отун ташуу.*

**ТАШУУЛА** Аз-аздан, бөлүп-бөлүп же акырындап ташый берүү, акырындык менен бир жерге же бир жерден экинчи жерге ташып жеткирүү.

**ТАШУУЧУ** Ташуу ишин аткаруучу. *Эки топко бөлүнгөн балдар жарыша иштесе, ташуучуларды шаштырат* (Сыдыкбеков). *Тамак ташуучулар Макештин көзүнө чалдыга түштү.*

**ТАШЧЫ** 1. Таш чегүүчү, таш тегиздөөчү. *Ташты чегип, чийме салган ташчыдай, Эмгек, менен кырк алтыны аттаган* (Токомбаев). 2. Таш коюучу, таш тизүүчү жумушчу.

**ТАШЫ I** Ташкындап ашуу, көбөйүү, кырынан ашып төгүлүү, жайпоо. *Дарыя ташып, деңиз толкуду* (Жантөшев). *Казан ташып кетпесин, отту кичинеден жак* («Ала-Тоо»).

**ТАШЫ II** 1. Бир жерден экинчи жерге алып баруу, жеткирүү. *Эркин кош айдагандарга тамак ташып берет* (Жантөшев). 2. Жазууда сөздүн ошол сапка батпай калган бөлүгүн экинчи сапка алып барып жазуу, ташымалдоо. 3. Бирөөлөрдөн уккан сөзүн, кандайдыр бир кабарды, маалыматты башка бирөөлөргө айтып жеткизүү. *Уурдап кепти ташыган, Уяты чыгат бетине* (Токтогул).

**ТАШЫ ЖОГОРУЛОО** Иши илгерилөө, бардыгы ойлогонундай болуу. *Илебине нан бышып, ташы жогорулаган мырзанын жергиликтүү жан жөкөрлөрү барган сайын арбып-дарбууда* (Бейшеналиев). **В.: ташы өйдө кулоо.** *Азыр анын ташы өйдө кулап, жер баспай турган учуру.* **Ташы өргө кулоо.** *Ташы өргө кулап, абалкы калыбына кайра келчүдөй болуп баратканда Жанкечтини кырсык чалды* (Осмоналиев).

**ТАШЫ ТАЛКАН БОЛУУ** Эч нерсеси калбай талкалануу, кыйроо, тымтыракайы чыгуу. *Бүгүн анын оюнун ташы талкан болду* (Байтемиров). **В.: Таш талканы чыгуу.** *Душман бүгүн-эртең багынууга тийиш, багынбаса таш талканы чыгат* (Абдукаимов).

**ТАШЫ ТЕГЕРЕНҮҮ** Иши оңунан чыгуу, оюндагысындай болуу. *Менин мүчүлүштөп*

*калганыма ташың тегеренип турабы?! Ташы тегерене түшкөн Батийна табалай салды* (Сыдыкбеков).

**ТАШЫЛ ташы II** этишинин туюк мамилеси.

**ТАШЫМАЛ** Жазып келаткан жолго толук батпай калган сөздүн мууну экинчи сапка бөлүнгөндүгүн көрсөтүүчү белги.

**ТАШЫМАЛДА** 1. Ташымал белгисин коюу аркылуу сөздүн тийиштүү бөлүгүн экинчи жолго бөлүп жазуу. 2. Кичинеден аз-аздан ташып жеткирүү, ташып олтуруу, алып баруу. *Ташымалдап көчүү.*

**ТАШЫМАЛДОО ташымалда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАШЫН ТАЛКАН КЫЛУУ же ТАШ-ТАЛКАНЫН ЧЫГАРУУ** 1. Талкалоо, кыйратуу, быт-чытын чыгаруу, жок кылуу, ойрон кылуу. *Каршылашкан душман болсо, Ташын талкан кылабыз* (Осмонкул). *Таш-талканын чыгарып, Такыр кырып салганы* («Манас»). 2. Катуу иштөө, майын чыгара иштөө. *Бүтпөй жаткан жумуштун таш-талканын чыгарып* (Шамшиев).

**ТАШЫН ташы II** этишинин өздүк мамилеси.

**ТАШЫРКА** 1. Таштуу жолдо көп жүрүп, туягы кетилүү, тажап, жакшы баса албай калуу. *Жабыгып жүрсө жигитти, Жакырсың деп кордобо, Ташыркаса бууданды, Баса албайт деп болжобо* (макал). *Жолоочулардын аттары такалуу болсо да, ташыркаган сыяктуу бүжүрөшөт* (Каимов). 2. *өт.* Көп баскандан таманы кабарып кетүү, чарчоо, талыгуу (адамга карата). *Торгой акын экөөбүз жыңайлак элек, ушу жерге келгенде ташыркап, жадап калдык* (Элебаев). 3. *өт.* Чарчоо, алсыроо, жадап жалакайлануу. *Мен жабыксам, ташыркаймын, мөгдөймүн, Кыялдансам, түбү терең көлдөймүн* (Турусбеков). *Такаң кайда, ташыркаптыр туягың, Мен саяпкер, – тулпарлыгың туямын* (Маматова).

**ТАШЫРКАТ ташырка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАШЫРКОО ташырка** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАШЫТ I ташы I** этишинин аркылуу мамилеси. *Сүттү ташытып жиберди.*

**ТАШЫТ II ташы II** этишинин аркылуу мамилеси. *Жүк ташытты. Отун ташытты.*

**ТАЮУ I тай** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЮУ II тайы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЯ** 1. Жөлөө. *Карыя таягын дубалга таяп койду. Гүлайым башын Алымкулдун көкүрөгүнө таяды* (Абдукаримов). 2. Белгилүү бир чекке жакындап баруу. *Күн бешимге таяп калган кезде, Чаргын үйүнө келип түштү* (Сыдыкбеков). *Кемпири да, өзү да жетимиш таяп калышкан* 3. Бир нерсеге негиздөө, такоо, байланыштыруу. *Фактыга таяп айтуу. Кепти саясатка таяп сүйлөө.*

**ТАЯК** 1. Таянып жүрүүгө колдонулуучу жыгач же башка нерсе. *Таягың түшсө колуңдан, Чапаның түшсө жонуңдан* (Калмырза). *Омор таягы менен топ дедирип жерди чаап коет да, өз алдынча күңүлдөй берет.* (Сыдыкбеков). 2. Жер босого менен баш босого ашташып бекитилүүчү боз үйдүн эшигинин эки жагына тикесинен тирелип коюлган төрт кырдуу келген жыгач. *Босого таягы.*

**ТАЯКЕ** Эненин эркек туугандары. *Ак-Суудагы таякем, Мейманга келсе болбойбу* (Осмонов).

**ТАЯКТА** Таяк менен сабоо, уруу, согуу. *Айыбы болсо таяктап койгон жаман эмес* (Байтемиров).

**ТАЯКТАТ таякта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЯКТОО таякта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЯЛУУ** Таяп коюлган, тирелүү, такап коюлган, жөлөп коюлган, сүйөп коюлган. *Таялуу алма шагы.*

**ТАЯМИМ** Эки колдун алаканын топурак, кум, таш сыяктуу нерселерге акырын уруп, колду көтөрүп бир аз силкип туруп, суу менен жуула турган жерлердин барын даарат алгандай кылып, ырымдап чыгуу. Бул ырым – суу жок жерде болот. *Чаңдуу кийимге да таямим кылса (алаканды урса) болот.*

**ТАЯН** 1. **тая** этишинин өздүк мамилеси. 2. Бирөөгө же бир нерсеге ишенич кылуу, бел кылуу, негизденүү. *Фактыга таянып сүйлөө. Таяна турган кишиси ким?*

**ТАЯНГАН ТООСУ БИЙИК** Колдогон, ишенген кишиси бар. *Анын таянган тоосу бийик деп даай албады* («Чалкан»). *Айыптабас салтты эскерте каккан тилмечтин таянган тоосу бийик экенин туя тилин тиштей токтоду* (Бейшеналиев).

**ТАЯНДЫР таянт** менен бирдей.

**ТАЯНТ таян** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТАЯНУУ таян** этишинин кыймыл атоочу.

**ТАЯНЫЧ** 1. Таянып, жөлөнүп тура турган же бир нерсени таёо, тирөө үчүн коюлган жөлөк. 2. *өт.* Жөлөк, тирек.

**ТАЯР** *туурасы:* **даяр.**

**ТАЯТА** Эненин атасы. *Таятам картайып калгандыктан, дайыма биз менен бирге жүрүү оор* (Жантөшев).

**ТЕ** *туурасы:* **тээ.**

**ТЕАТР** 1. Драма, опера, балет сыяктуу сахналык оюндарды актёрлор аркылуу көрүүчүлөргө элестүү кылып көрсөтүү искусствосу. 2. Ушундай оюндарды көрсөтүүгө ылайыкталып салынган жай. *Опера-балет театры 1948-жылы курула баштаган. Театр ачып жатканда, Нарындан жазган салам кат* (Айталиев).

**ТЕАТРАЛДАШТЫРУУ** Адабий чыгармаларды (драмалык эмес) театрга, сахнага коюу үчүн ылайыктоо, драмалык аракеттердин элементтерин киргизүү, театрлаштыруу.

**ТЕАТРАЛДЫК театрдык** менен бирдей.

**ТЕАТРДЫК театр** дегенге таандык. *Театрдык көрсөтүүлөр. Театрдык музыка. Театрдык костюмдар.*

**ТЕАТРЛАШТЫР театралдаштыр** менен бирдей.

**ТЕБЕЛЕ** Тепсөө, кайта-кайта баса берүү, таптай берүү. *Баскан жерин тебелеп, Бирөөнү бирөө жемелеп* («Манас»). 2. *өт.* Эзүү, үстөмдүк кылуу. *Түбү сурап эл бийлеп, Көрүнгөндү тебелеп, Жеп келгенден эмесмин* (Токтогул).

**ТЕБЕЛЕН тебеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕБЕЛЕНДИ** Тебелеп-тепсөөгө туш келген абал. *Тебелендиде калуу.*

**ТЕБЕЛЕТ тебеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕБЕЛЕШ тебеле** этишинин кош мамилеси.

**ТЕБЕЛӨӨ тебеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕБЕНЭЭК** Тээп жибермей адаты бар. *Тебенээк ат.*

**ТЕБЕТЕЙ** Кыруусуна көрпө же аң терилери (түлкү, суусар, кундуз ж.б. териси) салынып тигилген жылуу баш кийим. *Эски түлкү тебетейин кырдантып, Оңдоп кийип мандаш урду Акылбай* (Токомбаев). *Бир тутам үкү тагынган, кундуз тебетей кийген Атабектин кызы Кылымкан* (Жантөшев).

**ТЕБЕТЕЙИН КИЙИШТИРҮҮ** *к.* **биринин тебетейин бирине кийиштирүү.**

**ТЕБЕТЕЙИН КӨККӨ ЫРГЫТУУ** Абдан катуу сүйүнүү, кубануу. *Ушундай ишке шүгүр деп тебетейди көккө ыргытуу керек* (Жантөшев). **В.: Тебетейин асманга ыргытуу.** *Айтор, мындай ыракым колго тийсе тебетейин асманга ыргытар эле* (Элебаев). **Калпагын көккө ыргытуу.** *Кубат калпагын көккө ыргытты* (Жантөшев).

**ТЕБЕТЕЙИНДИ БАСА КИЙ** Бул чындык, анык ошондой, эч шектенбе, ишенип кой деген мааниде колдонулат.

**ТЕБИЛ теп** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕБИН теп** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕБИНДИ** Мал жатып чөбү тебеленип, тапталып калган жер, мал тебелеп кеткен жер.

**ТЕБҮҮ I** *аңч.* 1. Мылтыкты атканда дары көп болуп кумдактын артка карай ийинди тебиши. 2. Ителги, шумкар илбээсинди тээп түшүрүү.

**ТЕБҮҮ II теп** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕГЕ: мал-теге** Ар түрдүү мал, жалпы эле мал.

**ТЕГЕЛЕКИ: тегелеки бозо** *диал.* Коюу бозо.

**ТЕГЕРЕК** 1. Шакек, алкак сыяктуу форма. *Тегерек чийүү. Тегерек стол.* 2. Айлана-чөйрө, теребел. *Тегеректен издеп көрчү, жүргөндүр* («Ала-Тоо»). 3. Кандайдыр бир нерсенин айланасы жээги, чети. *Жоолук келди – Ошто бүткөн шайыдан, Тегереги жибек менен кайылган* (Үмөталиев).

**ТЕГЕРЕКТЕ** 1. Туш-тарабын айландыра курчап тосуу, тегерете курчоо. *Алты-жети бала аны тегеректеп алыптыр* (Байтемиров). *Адаттагыдай амандашып, столду тегеректеп отуруп калдык* (Жантөшев). 2. Тегерек салуу, тегерек чийүү, айландыра чийүү.

**ТЕГЕРЕКТЕТ тегеректе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕГЕРЕКТӨӨ тегеректе** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕГЕРЕН** 1. Бир нерсени тегерете айлануу, тегерете айланып жүрүү. *Үйдү тегерене айлануу. Отту тегерене чуркоо.* 2. Өз огунда айлануу, чимирилүү. 3. Эмне кыларын билбей, калдактап шашып калуу, шашкаландап карайлаган, айласы кеткен абалда болуу. *Кай бирөөнү карасаң, желдиктерин колтуктап, Тегеренген чагы бар* («Манас»).

**ТЕГЕРЕНҮҮ тегерен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕГЕРЕТ** Айландыруу, тегеренген абалга, кыймылга келтирүү. *Кадыр дөңгөлөктү эки уч тегеретип келип, кайра ордуна койду* (Сасыкбаев).

**ТЕГЕРЕТЕ** Айландыра, туш-тарабын курчай. *Тегерете чуркоо. Үй тегерете бак тигүү.*

**ТЕГЕРЕТМЕ** Ат чабуу ж.б. мелдештерди өткөрүүгө ылайык айланып жүрмө жолу бар жайык жер. *Тегеретме ат чабыш.*

**ТЕГЕРЕТТИР тегерет** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕГЕРЕТҮҮ тегерет** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕГЕРЧЕК** Дөңгөлөктүн чабактары, дөңгөлөктүн чабагы. *Арабанын бир тегерчегин сындыра чапкан жигит аны белбоодон кармаган бойдон токтоду.* (Мавлянов)

**ТЕГИЗ** 1. Түз, уңкул-чуңкулу, өңгүл-дөңгүлү жок, жылма. *Конушу тегиз, жайыты кенен, абасы салкын атактуу Муз-Төр ушул* (Каимов). *Таластын тоосу бийик, жери тегиз* (Шүкүрбеков). *Үстү тегиз тактай.* 2. Текши, ала-чокул эмес. *Жаз келди, талаа тегиз гүлдөдү, Гүл гана эмес, тикенек да бүрдөдү* (Шүкүрбеков). *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле* (Осмонкул). 3. Жалпы, баары. – *Кандай тегиз аман-эсен жатасыңарбы* (Каимов). 4. *өт.* Баарына бирдей мамиле кылган адилет. *Жума тегиз адам.*

**ТЕГИЗДЕ** Тегиз кылуу, ункул-чуңкулу, өңгүл-дөңгүлү жок кылып жылмалоо, түзөтүү, таптоо. *Аял-эркек тең иштеп, Адырды бузуп тегиздеп, Асканы жарып суу алды* (Убукеев). *Акмат кетменинин сабын тегиздеп копшоодо* (Сыдыкбеков).

**ТЕГИЗДЕЛ** **тегизде** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕГИЗДЕТ** **тегизде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕГИЗДИК** Тегиз, жылмакай болгон абал, каситет.

**ТЕГИЗДӨӨ** **тегизде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕГИЗДӨӨЧҮ** Жолду ж.б. тегиз кылуучу, тегиздеп түздөп ондоочу.

**ТЕГИЗЧИЛ** Баарын бирдей тегиз көргөн, текши караган адилет. *Тегизчил адам.*

**ТЕГИЗЧИЛИК** *сүйл.* Теңчилик, тегиз, бирдей көрүүчүлүк, бирдей укукта болгондук. *Тоюндурду ачтарды, Тарбиялап жаштарды, Тегизчилик доору* («Жазгыч акындар»).

**ТЕГИН** 1. Бекер, акысыз. *Эксең эгин, ичерсиң тегин* (макал). *Кабылга бирөөнүн тегин тамагын ичиш кыйын болчу* (Элебаев). 2. Бекер, курулай, жалган. *Бул кеп тегин эмес. Тегин жерден өрт чыкпайт* (макал). 3. Бекерчиликке көнгөн адам, бекерчи, бош жүргөн, эч нерсе иштебеген адам. *Жабалактап дыйкандар, сугарып атат эгинди, жаман көрөт ал кезде, басып жүргөн тегинди* («Жазгыч акындар»). 4. Жөнөкөй, жөн. *Токтогул ушул бала тегин көрүнбөйт, комузга дилгирлигине караганда чымыны бардыр дегенсип ойлонду* (Каимов). *Муну ырдаган тегин ырчы эмес, анын аты ким?* («Ала-Тоо»).

**ТЕГИРИЧ** Коосдук үчүн ууктардын матоосунун үстүнөн тегерете айландырып тартылган, чачысы керегенин башына тиертийбес болуп коосдолуп жасалган эндүү тасма, коосдук жасалга. *Үйдүн ички көрүнүшү: сырдалган уук, кереге, кырка тартылган тегирич, жабык баш* (Жантөшев).

**ТЕГИРИЧТЕ** Тегиричти тартуу, тегиричти өткөрүү.

**ТЕГИРМЕН** Эгинди майдалап тартууга, ун, талкан, шак жасоого ылайыктап курулган жай. *Ташмат байдын тегирмен, Такыр коркпойт теңирден* (Калмырза). *Тегирменге ун салдыруу.*

**ТЕГИРМЕНИНЕ СУУ ЖҮГҮРТҮҮ** Ишин илгерилетүү, жардамдашуу, колдоо. *Кагылайын элим! – деди Каныбек илгери чыгып толкундана, өлүп бара жаткан бай-манаптардын тегирменине суу жүгүрткөн басмачылар бардык жаман аттыны бизге тагып жатышат* (Жантөшев). **В.: Тегирменине суу куюу.** *Шаршенин так ушул ойройлугу Саадаттын тегирменине суу куйду* (Сыдыкбеков). *Алар алга карай бараткан иштин артка тартмак, душмандын тегирменине суу куймак* (Сыдыкбеков).

**ТЕГИРМЕНЧИ** Тегирменди тейлеген, анын бардык ишин билген адам. *Тегирменчи жыйнаса, калаанын чеги жазылат* (Барпы). *Аксакал тегирменчи өзү жүрөт, Суктанып оттой жанып көзү күйөт* (Үмөталиев).

**ТЕГИРТМЕК** *диал.* 1. Кичинекей боз үй. 2. Алачык.

**ТЕГИРЧИК** *диал.* Кичинекей арабанын дөңгөлөгү, кичинекей дөңгөлөк. *Устакананын алдындагы тегирчикте отурган жигит сүйлөп жатат* (Абдукаримов).

**ТЕЖЕМЕЛ** Энесинин эмчек сүтүн эмбеген, тамак берип багылган бала. *Ал аялдын аркасына көтөргөнү тежемел бала эле* (Жантөшев). *Энесинен сүт чыкпай, тежемел калган козуга Азат күндө упчу менен сүт берет* («Жаш ленинчи»).

**ТЕЖИК** Тил албаган, кепке-сөзгө көнбөгөн, өз билгенин бербеген, кежир, мүнөзү терс.

**ТЕЗ I** Боз үйдүн уук-керегелерин түзөтүп, белгилүү бир өлчөмгө, калыпка, жөнгө салып жасоодо колдонулуучу курал. *Тез жанында ийри жыгач жатпас* (макал). *Ийри жыгачтан сындырылганын сындырып, сындырбаганын түзөгөн тездин шыкоору сымактанат* (Жантөшев).

**ТЕЗ II** 1. Бат, ылдам, ыкчам, ошол замат, дароо, токтолбостон. *Тез бүтүрө турган ишпи? Каныбек өтө кубанычтуулук менен тез жооп берди* (Жантөшев). 2. Чукул. *Ачуусу тез кишиден кысылып турат балалык* (Токтогул). *Алымкул ачууң өтө тез. Анын үстүнө өжөрсүң, ар кандай учурларда сабырдуулук керек* (Абдукаримов).

**ТЕЗ III** *туурасы:* **дес.** 1. Дем, күч, кубат. 2. Кайраты жануу, көңүлү калуу, шагы сынуу, коркуу, деми басылуу. *Эч жерден тези кайтпаган* («Манас» С.О.).

**ТЕЗ АРАДА** *же* **ЖАКЫН АРАДА** Жакында, анча-мынча күндүн ичинде.

**ТЕЗ ЖАРДАМ** 1. Кокустукка учураганда, чукул жана кыйын абалга дуушар болгон оорулуу адамдарга эң зарыл болгон алгачкы медициналык жардам көрсөтүүчү же жабыр тарткан адамдарды дарылоо мекемелерине жеткирүү жактарын уюштуруучу уюм. *Тез жардамга кабар кылуу.* 2) Тезинен жардам көрсөтүү иштеринде пайдаланылчу атайын бөлүнгөн дарыгердик машина. *Тез жардам келгенче келиндин вена тамырына дары куйду* (Байтемиров).

**ТЕЗГЕ САЛУУ** Тартипке чакыруу, эпке, ыкка келтирүү. *Тетири баскан тентектерди тезге салды* («Чалкан»). *Башынан тентекти тезге салып, ыпыласты тазартуучу эле деп акыры сизге жазууга туура келди, Чаке!* («Чалкан»).

**ТЕЗДЕ** Тез иштөө, тез аткаруу, тезинен

бүтүрүүнүн аракетин кылуу. *Ишиңди тезде. Тездеп аракеттен.*

**ТЕЗДЕТ тезде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЗДЕТИЛ тездет** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕЗДЕТҮҮ тездет** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЗДИК** Ылдамдык, ыкчамдык, тез аракеттенгендик, тез иштегендик. *Саатына жүз алтымыш километр тездикте бара жатабыз* (Бөкөнбаев). *Бирок чиркин аздыгына мейли эле, Анын октой тездигине катат баш* (Осмомов). *Иштин тездиги эле жакшы.*

**ТЕЗЕК** Малдын кыгы, ошол кыктан жайып кургатылган отун. *Жийдегүл бул адырлардан нечен жолу тезек терген* (Сасыкбаев). *Бала түгүл атынын, Берилмек эмес тезеги.*

**ТЕЗИНЕН** Токтолбостон, ылдам, дароо, ошол замат. *Тезинен жөнө.*

**ТЕЗИС** Илимий эмгек, доклад лекциянын негизги идеясын бир нече сүйлөм менен кыскача баяндоо.

**ТЕЙ** Кандайдыр бир нерсенин сырткы түрү, тышкы көрүнүшү, кебетеси, түспөлү, абалы. *Акбардын чаалыккан тейин көрүп, эне катуу чебеленди* (Убукеев). *Анчалык балбан боло коюучу тейи деле жок экен* («Ала-Тоо»). *Күздүктүн күзгү тейи өтө начар эле, жазгы тейин келип көрүп кетишиңизди сураймын* («Чалкан»).

**ТЕЙЛЕ** 1. Калктын тийиштүү талаптарын, керектөөлөрүн камсыз кылуу үчүн иштөө, ушундай максатка байланышуу иш алып баруу. *Алуучуларды тейлеген бир гана сатуучу бар* («Ала-Тоо»). 2. Машинаны, станокту ж.б. иштетүү, ишке киргизүү аракетине байланыштуу кызмат кылуу, аларды башкаруу. 3. Малды байлап, алдына жем-чөбүн салып жайгаштыруу. *Малды тейлеп коюп шашпай жөнөбөйсүңөрбү* («Ала-Тоо»). 4. Белгилүү бир жумушту аягына чыгууга, иретке, тартипке келтирүүгө, жайгаштырууга байланыштуу ички иштерди иштөө. *Калканбай үй оокаттын көбүн өзү тейлейт* (Бейшеналиев). *Сырттагылар кап-кечелерин тейлеп коюшуп, үйгө киришти* («Ала-Тоо»).

**ТЕЙЛЕН тейле** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕЙЛЕТ тейле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЙЛЕШ тейле** этишинин кош мамилеси.

**ТЕЙЛӨӨ тейле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЙТЕЙ** 1. Арык келип, иймейген, алсыз көрүнүштө болуу. Ийрендеген жагымсыз, ийкемсиз көрүнүштө болуу.

**ТЕЙТЕК** Көрүнүшү тейтейиңки тарткан, кыйшык, ийрийген.

**ТЕЙТЕКТЕ** 1. Тейтейип, ийрендеген көрүнүштө болуу. 2. *өт.* Тетирленүү, макул болбоо.

**ТЕЙТЕКТӨӨ тейтекте** этишинин кыймыл атоочу. *Обу жок тейтектөөнүн кереги эмне!*

**ТЕЙТЕҢ** Тейтейип, ийрендеген жагымсыз көрүнүштү билдирүүдө колдонулат. *Тейтең этүү. Тейтең-тейтең этип жүгүрүү.*

**ТЕК I** 1. Келип чыккан түбү, түпкү укумтукуму, негизи. *Тала менен тегинде* («Манас» С.О.). *Муратбек тегин уксаң, кедей* (Абдыраманов). *Билбеймин ата-тегиңди, Аныктап айтчы кебиңди* (Токтогул). *Сенин тегиңди айтып берейин, Терип согуп келейин* (Калмырза). 2. Жер кыртышынын курамдык бөлүгүнөн болгон, көбүнчө туруктуу курамдан турган же жерден казылып алынуучу минерал. *Тоо тектери.* 3. *диал.* Бир нерсенин төмөн жагы, түбү, асты жагы.

**ТЕК II** 1. Тынч, жөн, тим. *Тек тур. Тек тура албай азоо аттай жулунат* (Осмонкул). 2. Бекерге, жокко. *Үмүт текке кеткен жок* («Кыргыз Туусу»). *Окуучулар убактысын текке кетиришкен жок.* 3. Анчейин гана, жайынча, жөнүнчө, орточо. *Ал тек гана болжоп айтып койду окшойт, Башка суроо, башка мүдөө болгон жок* (Токомбаев). *Же курбалым тили менен айталбай, Эскерсин деп, тек эсине салгандыр* (Токомбаев).

**ТЕКБИР** Кудайды мактап, бир нече мертебе кайталоо.

**ТЕКЕ I** 1. Эчкинин эркеги (колдо багылганы жана жапайысы). *Теке салуу. Тоо теке.* 2. Элдик ай эсеби боюнча алтынчы айдын аты, какшыган жай чилдеси, июль айы. *Теке айынын беш жаңысы* (Сыдыкбеков). *Теңине албас саратан, Теке какшык айы экен* («Эл адабияты»). *Көп жаңылып, күн эсебин так билбейт, Чын куранды Теке айы деп талашып* (Эралиев).

**ТЕКЕ II: теке-маңдай** Дал бет алды, бетме-бет турган тушу, бет-маңдай жак. *Жапар телеграфтын теке маңдайына эс алды* (Баялинов). *Аялдар жоолуктарын баса байлап, теке маңдай отурбастан, кырын салып, кыйгач одоно отурушту* («Чалкан»).

**ТЕКЕ ЖООМАРТ** 1. Түркмөн элинин Теке жана Ёмуд деген урууларынын аты. 2. Мыкты күлүк ат, аргымак. *Теке жоомарт ат минген, Темирдей көпкөн тон кийген* («Манас»). *Дүйшөнкулдун беш жыл болду бакканы, Тегиз күлүк, теке жоомарт аттары* (Осмонкул).

**ТЕКЕ КАКШЫК** *к.* **теке** *Жай чилдеси теке какшыкка оро-пара келген орозо айы ырмая-чырмая өткөнүнө бүгүн экинчи күн* (Токтоналиев)

**ТЕКЕ МАҢДАЙ** *к.* **теке II.**

**ТЕКЕБЕР** 1. Кесир, бой көтөргөн, керсейген, теңине албаган, менменсинген. *«Жол ачык, балам» – деп катты окуп. Жооп жазат текеберденбей. Текебер адам.* 2.

Кесирдүүлүк, менменсигендик. *Сенин текебериң мага жаккан жок* (Байтемиров). *Текебер көп өзүңдө, Курулдөйсүң чениң жок* (Тоголок Молдо).

**ТЕКЕБЕРДИК** Текебер кылгандык, кесирленгендик, менменсинүүчүлүк. *Антип теке бердик кылсаңыз, жанымдан кечип салам* («Ала-Тоо»).

**ТЕКЕБЕРДҮҮ** Текебери күчтүү, кесирлүү. *Мурдагы текебердүү менменсинүүдөн эчтеме калбай, кибирей түштү* («Ала-Тоо»). *Ал күндөрдө жүрөгүңдү тебелеп, Текебердүү манап, байлар жайлаган* (Маликов).

**ТЕКЕБЕРЛЕН** Менменсинип кесирленген кылык-жорук көрсөтүү, текебердик кылуу.

**ТЕКЕБЕРЛЕНҮҮ** **текеберлен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКЕБЕРЛИК** **текебердик** менен бирдей.

**ТЕКЕБЕРЧИЛИК** Текебер кылгандык, кесирсингендик, теңсинбегендик, менменсингендик. *Текшерүүчүлөрдүн текеберчилиги* («Чалкан»). *Майданга келген дүйнөгө текеберчилик кылба* (Бейшеналиев).

**ТЕКЕЙ**Ката элек, солкулдак кезинде желе турган бир катар өсүмдүктөрдүн жалпы наамы. *Кой текей. Уй текей. Жылкы текей. Текей терип жейли да, бир жакка жылалы, балам* (Токомбаев).

**ТЕКЕЙ ОТТОО** Эч нерсе кылбай бош жүрүү. *Мурунтан эмне болдуң, текей оттоп жүрдүңбү? – деп, атам мага абдан ачууланды* («Чалкан»). **В.: Текей терүү.** *Силер бул жерге текей тергени келген жоксуңар!* («Чалкан»).

**ТЕКЕЙДЕН АРЗАН** 1. Өтө эле арзан. *Бул жерде өтүк текейден арзан турат экен* («Чалкан»). 2. Анча оордугу жок, колдон келе тургандай, эң эле оңой, жеңил. *Аларды эпке көндүрүү текейден арзан* («Ала-Тоо»). *Текейден арзан иш.*

**ТЕКЕНИН ӨТҮНДӨЙ** Абдан өткүр, курч. *Абдылданын баласы текенин өтүндөй чыйрак бала болду* («Ала-Тоо»).

**ТЕКЕҢДИ СОЙДУКПУ?** Сага кайсыл жерибизден жаздык, сага эмне болду, эмнеге ачууланып коркутасың деген мааниде айтылат. *Чоң эне Динарга бурулду: – Эмне эле туйтуңдап калгансың. Сенин текеңди сойгон кишиң барбы?* (Сыдыкбеков). *Сенин текеңди сойдукпу? Түнөрбөй, каарданбай айтсаң боло? – деп, Карачалга тике айтууга эч ким чыкпады* («Ала-Тоо»). **В.: Текеңди ким сойду?** *Ой, жолуң болгур десе, мынча түнөргүдөй текеңди ким сойду?* («Чалкан»). **Текеңди бирөө сойдубу?** *И, эмне болуп кетти, текеңди бирөө сойдубу?* («Ала-Тоо»).

**ТЕКЕЧЕ** Бир жаштагы теке.

**ТЕКЕЧЕР I** 1. Эки жаштан өткөн теке. 2. Бир эни алынган (чала биттелген) теке.

**ТЕКЕЧЕР II** *астр.* Зодиак топ жылдыздарынын бири.

**ТЕКИ** *диал.* Жаздык, таянгыч.

**ТЕКИЛДЕ** Тез-тез кыймылдоо, шашып, ылдам жүрүү. *Кычан текилдеген боюнча класска келип, окуучуларга сүйүнчүлөдү* (Бейшеналиев).

**ТЕКИЛДЕК** Текилдеген, шамдагай, баскан-турганы чыйрак.

**ТЕКИЛДЕТ** **текилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕКИЛДӨӨ** **текилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКИР** Кыйшык, ийри, түз эмес.

**ТЕКИРЕҢ** Аттын секирип чуркаган жүрүшү.

**ТЕКИРЕҢДЕ** Текиреӊ менен жүрүү.

**ТЕКИРЕҢДЕТ** **текиреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕКИРЕҢДӨӨ** **текиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКИРЕҢИ ТҮГӨНҮҮ** Абдан убара тартуу, алдан таюу, чарчоо. *Жумушту баш тартпай иштей берип текиреңи түгөндү* («Ала-Тоо»).

**ТЕКИРЕР** *диал.* Кайталоо, бышыктоо. *Зуннахун балам, сизге айткан бир сөзүм бар эле. Ошол сөзүмдү яна текирерлеп эсиңизге салууга мажбур болдум* (Жантөшев).

**ТЕККЕ** Бекер, курулай, бошко кетүү. *Мээнети текке кетүү.*

**ТЕКМАТ** Кур, сайма түшүрүлгөн кайыш кур. *Кийин секратарлык менин энчиме тийгенде Некеев иш өткөрүп жатып, «сумкаң барбы» деп калды. Кайдагы сумка, мектепке баратканда, китептерди текматтын алдына ичибизге жармаштыра кыстарып алчубуз* (Айтматов). *Көкүл качан көрсөң текмат менен белин курчап алат* (Касымбеков). *Белине жазы текмат курчаган, алтын погондуу офицер Бектен басып келди* («Ала-Тоо»).

**ТЕКӨӨР** Бүркүт же башка алгыр куштардын, короздун ж.б. тээп кол салууда, кармашууда колдоно турган арткы тырмагы.

**ТЕКӨӨРЛӨ** Текөөрү менен тебүү.

**ТЕКӨӨРЛӨН** 1. Текөөр пайда болуу, текөөрү өсүп жетилүү. 2. *өт.* Күчкө толуу, күч алуу, алышуу, кармашуу үчүн бышыгуу, салгылашуу үчүн күч алып чыңалуу.

**ТЕКӨӨРЛӨӨ** **текөөрлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКӨӨРЛӨШ** 1. Текөөрү менен тебишүү, тебишип кармашуу. 2. *өт.* Кармашуу, каршылашып салгылашуу, бири-бири менен касташуу.

**ТЕКӨӨРЛӨШҮҮ** **текөөрлөш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКПИР** *к.* **текбир.** *Кең Букарды карасаң, Азанчысы аркырап, Көчөлөрү жаркырап, Текпир айтып бакырып, Коомат айтып чакырып* («Манас»).

**ТЕКСИЗ** 1. Ата-теги, укум-тукуму, түп-

кү теги ким экендиги белгисиз. *Тексиз жетим.* 2. *тар.* Жөнөкөй, карапайым үй-бүлөдөн чыккан (ак сөөктөр тукумунан эмес), букарадан чыккан.

**ТЕКСТ** Адабий чыгарманын, илимий эмгектин, кандайдыр бир документтин, докладдын ж.б. кагаз бетине же башка нерсеге түшүрүлгөн жазуусу, анын айрым үзүндүсү.

**ТЕКСТИЛЬ** Токуу ишканасынан иштелип чыгарылган ар кандай кездемелер.

**ТЕКСТОЛОГ** Текстология боюнча адис.

**ТЕКСТОЛОГИЯ** Адабий эстеликтердин, тарыхый документтердин ж.б. тексттердин тууралыгын аныктоо, ажыратып чыгуу жана бастыруу иштерин жүргүзүүчү филологиянын тармагы.

**ТЕКСТОЛОГИЯЛЫК** **текстология** дегенге таандык.

**ТЕКСТУАЛДЫК** Текст боюнча, текст менен сөзмө-сөз келген, тексттин так өзүндөй, текстке негизделген.

**ТЕКТЕ** Тек-жайын териштирип билүү, тегин кууштуруу, чыккан жерин аныктоо. Тегин сураштыруу.

**ТЕКТЕШ** 1. *тар.* Чыгыш теги жагынан бирдей, тең. 2. Негизги белгилери, касиеттери боюнча окшош, келип чыгуу жалпылыгы боюнча байланышы бар. *Тектеш тилдер.*

**ТЕКТИР** Тоонун, бийик дөбөнүн же таштын, зооканын боорундагы, капталындагы түз жер, секи. *Бабайдын үйүнүн артындагы тектир эсиме түштү* (Элебаев). *Тектиринде теке бар, Будурунда бугу бар* («Манас»). Жолойдун жогорку жагында кичинекей тектир сымак түзөң бар (Жантөшев).

**ТЕКТИРЧЕ** Кичинекей тектир, тектир сымак жер. *Токтогул боз үйдүн ордундай тектирчеге келди* (Токомбаев). *Балдар айылдын үстүндөгү тектирчеге чыгып, шахмат ойноп отурушту* (Абдумомунов).

**ТЕКТОНИКА** Жер кыртышынын түзүлүшү, андагы болуучу өзгөрүүлөрдү, процесстерди үйрөтүүчү геологиянын тармагы.

**ТЕКТОНИКАЛЫК** **тектоника** дегенге таандык.

**ТЕКТҮҮ** Ата-теги мыкты, теги жакшы. *Тектүү болсун, мүнөзү жумшак келип, Иштесин жалпы журттун камын көрүп* (Баласагын).

**ТЕКЧЕ** 1. Үй ичиндеги ар кандай буюмтерим коюла турган оюк. *Анархан колундагыларын текчеге койду* (Жантөшев). *Тамдын боорундагы текчедеги анча-мынча идиш-аяк күүгүмдөп көрүнөт* (Байтемиров). 2. Китеп койгуч. 3. Аялдарга тийиштүү майда- барат буюм-теримдерди коюу үчүн боз үйдүн керегесинин баш жагына бекитилген кичинекей орун. 4. Терезенин астынкы тектирчеси. 5. Тектирче түрүндө жасалган жай, супа, сере. *Айна жумуштан кайтып үйдүн эшигинин алдындагы таш менен ылайдан жасалган текченин үстүндө китеп окуп отурган эле* (Абдумомунов).

**ТЕКЧЕЙ** Кичинекей келип, тыкан, жыйнактуу көрүнүштө болуу.

**ТЕКЧЕЙТ** **текчей** этишинин аркылуу мамилеси. *Төрдө текчейте жыйылган жүк.*

**ТЕКЧЕЛЕ** Текче-текче кылып коюу, кандайдыр бир нерсени кыр-кыр кылып, тектирчелеп секилентип коюу.

**ТЕКШЕР** 1. Бир нерсенин жакшы же жаман жагын талдоо, толуктугун, кемчилдигин, тууралыгын аныктоо, тактоо, эсебин алуу ж.б. үчүн кылдаттык менен карап чыгуу. *Азыркы күндө ар ишти, Акыйкат менен текшерди* (Осмонкул). *Текшерип көрсөң болбойбу, Жалган менен аныкты* (Токтогул). *Иштин сапатын текшерип көрүү. Кассаны текшерип чыгуу. Окуучулардын билим деңгээлин текшере турган экзамендер.* 2. Бирдемеге жарактуулугун, сапатын, касиетин жана билим деңгээлин билүү, талдоо максатында сынакка алуу, сыноо, байкап көрүү. *Машинанын тетиктерин текшерип көрүү. Улам карап текшерип, Сынап жаткан турбайбы* (Токтогул).

**ТЕКШЕРИЛ** **текшер** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕКШЕРИШ** **текшер** этишинин кош мамилеси.

**ТЕКШЕРТ** **текшер** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕКШЕРҮҮ** **текшер** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕКШЕРҮҮЧҮ** 1. Кандайдыр бир иштин аткарылышын, жүрүшүн же башка эсепкысап иштерин текшерип, талдоо жүргүзүүчү.

**ТЕКШИ** 1. Бирдей, бир катар, бир кылка. *Ушу келген буруттар, Баары текши эр экен* («Манас»). 2. Бүт, туташ, жапырт. *Кырк чоронун баарысы, Текши кирди жабыла* («Манас»).

**ТЕЛ I** 1. Эки энени эмген төл. *Тел кулунун жебейби* («Семетей» С.К.). *Тел козу. Тел эмген кулун сойдурду* («Курманбек»). 2. Бири-бирине жанаша турган, жанаша жайгашкан эки нерсе. *Тел арча. Тел дайра.* 3. Түгөйү, жубу. *Кызыктуу Ак-Жар, Шүдүгөр, Кыйла жер болсо буга тел* (Жеңижок).

**ТЕЛ II** *туурасы:* **дел.** *Жаңы көргөн адамдар, Бул кайдан келген кошун деп, Башын кашып тел болгон* («Манас»).

**ТЕЛЕ:** **теле көрсөтүү** Телеберүү аркылуу берилүүчү көрсөтүүлөр. *Телекөрсөтүүлөрдүн программасы.*

**ТЕЛЕВИЗОР** Теле көрсөтүүлөрдү кабыл алууга ылайыкталып жасалган экрандуу аппарат. *Дайым сени угуп, көрүп турууга, Сатып келип телевизор коёюн* (Токомбаев).

**ТЕЛЕГЕЙ** Байыркы кымбат баалуу кездеменин бир түрү. *Темир чопкут ичинде,*

*Телегей болсо кийгеним* («Курманбек»). *Телегей кийген кыз бекен, Же болбосо, чунактар, Теңтуш Чүрөк уз бекен?* («Семетей»).

**ТЕЛЕГЕЙИ ТЕГИЗ** Бардык жагы ойдогудай келишкен, шаймашай, жетиштүү, бардыгы орду-орду менен болгон. *Кимдин эле телегейи тегиз болуп атыптыр дейсиң* («Чалкан»). *Укканым жок кыз бийке, Телегейи тегизди* («Курманбек»). *Телегейи тегизим, Теңтушумдай эгизим* (Жеңижок). **В.: Телегейи тең.** *Телегейи тең экен, Аябаган эр экен* («Манас»). *Телегейи тең жигит. Кыргызстан, келечеги кең стан, Үнөм чарба, телегейи тең стан* (Токомбаев).

**ТЕЛЕГРАММА** Телеграф аркылуу берилген кабар жана ошондой кабар жазылган бланк. *Телеграмма берүү. Куттуктоо телеграммасы.*

**ТЕЛЕГРАФ** 1. Электр энергиясынын жардамы менен зым линиясы аркылуу белгилүү аралыкка тездик менен кабар берүүгө ылайыкташтырылып түзүлгөн техникалык система. *Келдим дагы портретин карадым, Уккум келбей телеграфтын кабарын* (Маликов). 2. Ушундай кабарларды кабыл алуу жана берип туруу иштерин жүргүзүүчү мекеме.

**ТЕЛЕГРАФИСТ** 1. Телеграмманы кабыл алып, жөнөтүп туруучу телеграф кызматкери.

**ТЕЛЕГРАФИЯ** Алыскы аралыкка кабарларды жарык жана электрдик сигналдардын жардамы менен берип туруучу техника.

**ТЕЛЕГРАФТЫК** **телеграф** дегенге таандык.

**ТЕЛЕИЗОГРАФ** Телефондук кабель аркылуу көрсөтүүчү аппарат.

**ТЕЛЕКИНО** Телекөрсөтүүлүк берүүлөрдү чоң киноэкрандан көрсөтүү.

**ТЕЛЕКИНОИСКУССТВО** Кинофильм жана телефильм жаратуучу искусство.

**ТЕЛЕКИНОСЪЁМКА** Киноплёнканы же магниттик плёнканы телекөрсөтүүгө демонстрациялоо, тартуу.

**ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ** Электро жана радио байланыш каражаттары менен нерсенин, окуянын көрүнүшүн белгилүү аралыктан экранга берүү жана кабыл алуу жолу.

**ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮЧҮЛҮК** 1. Телеберүүлөрдүн каражаттарынын жардамы аркасында көрүнүштөрдү кабыл алууга же берүүгө багытталган, арналган аракет. *Телекөрсөтүүчүлүк борбор. Телекөрсөтүүчүлүк антенна.* 2. Телеберүүлөрдүн жардамы менен жүзөгө ашырылуучу. *Теле көрсөтүүчүлүк иштери. Телекөрсөтүүчүлүк байланыш.*

**ТЕЛЕКС** Абоненттер арасындагы байланышты, абоненттик телеграфтоону камсыз кылган эл аралык түйүн.

**ТЕЛЕМАНИЯ** Телекөрсөтүүлөргө кызыгуу, кумарлануу.

**ТЕЛЕМЕХАНИЗАЦИЯ** Белгилүү бир аралыкта турган өндүрүштүк процесстерди башкаруу үчүн байланыш каражаттарын колдонуу.

**ТЕЛЕМЕХАНИКА** 1. Байланыш каражаттарынын жардамы менен белгилүү бир аралыкта, алыстыкта турган өндүрүш процесстерин башкаруу. 2. Ушундай башкаруунун каражаттарын жана методдорун үйрөтүүчү илимдин жана техниканын тармагы.

**ТЕЛЕМЕХАНИКАЛЫК** 1. Белгилүү бир аралыктагы өндүрүштүк процесстерди башкаруу үчүн кызмат кылуучу. *Телемеханикалык аппаратура. Телемеханикалык система.* 2. Телемеханиканын жардамы менен жүзөгө ашырылуучу. *Телемеханикалык текшерүү.*

**ТЕЛЕМОНИТОР** Телекөрсөтүүлөрдүн жүрүшүн студияда контролдоп турган телевизиондук экран.

**ТЕЛЕМОСТ** Бир жерден экинчи жерге маалымат, дискуссия ж.б. берүү үчүн түзүлгөн телевизиондук байланыш.

**ТЕЛЕОБЪЕКТИВ** Алысыраак турган нерселерди ири масштабда кылып сүрөткө түшүрүүчү, ошондой эле портрет тартуучу фотографиялык объектив.

**ТЕЛЕПАТИЯ** Организмдин нервдик-психикалык жагдайынын алыстагыны туюп-сезүү жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү илим.

**ТЕЛЕПОРТРЕТ** Бир адамдын эмгегине, турмушуна арналган телефильм же, телевизиондук көрсөтүү.

**ТЕЛЕСКОП** Асман телолоруна байкоо жүргүзүүдө колдонулуучу оптикалык прибор.

**ТЕЛЕСКОПТУК** 1. Телескоп аркылуу көрүнүүчү, телескопто гана көрүнүүчү. *Телескоптук планеталар.* 2. Телескоптун жардамы менен жүзөгө ашырылуучу. *Марсты телескоптук байкоого алуу. Телескоптук көз айнек.*

**ТЕЛЕТАЙП** Текстти автоматтык түрдө кадимки тамга менен басуучу жазма машинканын тибиндеги телеграф аппараты.

**ТЕЛЕФАКС** Телефондук байланыш аркылуу ар кандай басылган маалыматтарды алып жана берүү үчүн баса турган аппарат.

**ТЕЛЕФОН** 1. Электр энергиясынын жардамы менен зым линиясы аркылуу ар кандай аралыкка үндү жеткирүүгө ылайыкталып түзүлгөн техникалык система. *Радио, телефон үй башына сүйлөдү* (Осмонкул). 2. Ошондой жол менен сүйлөшүүгө ылайыкталган аппарат. *Телефон аппараты.*

**ТЕЛЕФОН АВТОМАТ** Белгилүү баадагы монетаны салганда сүйлөшүүчүлөрдү байланыштыра турган, жалпы эл колдонуу үчүн коюлган телефон аппараты.

**ТЕЛЕФОН ЧАЛУУ** Телефон уруу, телефон аркылуу сүйлөшүү.

**ТЕЛЕФОНДОШТУР** Телефон тармактарын орноштуруу, телефон коюу.

**ТЕЛЕФОНДОШТУРУУ телефондоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛЕФОНДУК телефон** дегенге таандык.

**ТЕЛЕФОНИСТ** 1. Телефон менен сүйлөшүүнү тейлеп турган адис, телефон станциясынын кызматкери. 2. Телефон линияларын жүргүзүү боюнча адис.

**ТЕЛЕФОНИЯ** Телефондук байланышты жана ага тиешелүү аппаратуранын иштөө принцибин изилдеген илимдин жана техниканын бир бөлүмү.

**ТЕЛЕФОНОГРАММА** Телефон аркылуу берилген официалдуу кабардын тексти.

**ТЕЛЕЭФИР** Телекөрсөтүүчүлүк сигнал таралган чөйрө.

**ТЕЛИ I** 1. Бир жак капталына кыйшайтып салуучу жылкы оорусу. *Тели болгон жылкы. Телиден өлүп жатыптыр. Жылкычылар жыйылып, Аны союп жатыптыр* («Манас»). *Бу сөз кийин билсек, ветеринардык термин экен, жылкыны телиден дарылоонун бир түрү тура* (Айтматов). 2. *өт.* Маңыроо, келесоо, көк мээ (адам жөнүндө). *Сүйүн да сүйгүнчүлүктүү, ыйды билбеген, көрүнгөн көтөрсө, кете берген тели* (Бейшеналиев). 3. Бир бүтүмгө келе албоо, арсар болуу. *Тели болгон эмедей* («Семетей» С.К.).

**ТЕЛИ II** 1. Жаш төлдү башка энеге эмизүү, жалгоо. *Музоосу өлгөн уйга эчкинин улагын телип, саап жүрөбүз* (Мидин). 2. *өт.* Ыйгаруу, курулай жармаштыруу. *Өз баласын Токтобекке телий албай, Таты бир топ кыйналды* («Чалкан»).

**ТЕЛИ КУШ** Тентиген, туругу жок куш деген мааниде. *Тели куш багып, куш кылдым, Тентигенди журт кылдым* («Эр Төштүк»).

**ТЕЛИ-ТЕҢТУШ** Жолдош-жоро, курбу-курдаш. *Чолпонбайды узатууга тели-теңтуштарынын бардыгы келишти* (Жантөшев).

**ТЕЛИГЕН I** Өзүнүн эмес, башканын баласын эмизүүчү.

**ТЕЛИГЕН II** 1. *аңч.* Жагалмайдын кыраны. 2. Ителги. *Телиген салба, кепил алба* (макал). *Телиген салсаң тентийсиң, Муну куш деп салбагын* («Манас»).

**ТЕЛИК телиген** менен бирдей. *Курама жыйып журт кылдым, Телик багып куш кылдым* («Манас»). *Телик куш кетет жерине* («Семетей» С.К.).

**ТЕЛИН тели II** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕЛИНДЕ** Тели оорусу менен ооруу, тели болуп калуу (жылкы жөнүндө). *Телиндеп өлгөн бээ.*

**ТЕЛКИ I** Жапайы жаныбардын түрү, эликтин ургаачысы. *Телкисин кууган куранбы* (Жантөшев).

**ТЕЛКИ II** Белгилүү бир бүтүндүн, нерсенин айрым бөлүгү, үлүшү. *Алтыдан бир телки.*

**ТЕЛКИ III** Эки ача. *Анын сөзү тигинден телки чыкты.*

**ТЕЛМИР** 1. Бир нерсе күткөндөй, бир нерседен үмүт кылгандай жалооруп көпкө кароо, жалдырап туруп калуу. *Жамила Даниярдан көзүн албай телмирди* (Айтматов). *Кыз алыска телмире карады* (Сыдыкбеков). 2. Зарланып муңайган, аянычтуу абалда болуу. *Теңдигимен айрылып, Телмирген Бакай мен болдум* («Манас»).

**ТЕЛМИРТ телмир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЛМИРҮҮ телмир** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛО** Мейкиндиктин белгилүү бир бөлүгүн толуктап туруучу зат, материя, мейкиндиктеги айрым нерселер. *Асман телосу. Катуу тело. Суюк тело.*

**ТЕЛОГРЕЙКА** 1. Ичине жүн, кебез салып шырылып жасалган чыптама. 2. Кебез, жүн салынып шырып салган жылуу бешмант куртка, фуфайка. *Эшиктен салам айтып, чологураак, тике жана телогрейка кийген Эшкул кирип келди* (Бейшеналиев).

**ТЕЛОХРАНИТЕЛЬ** *к.* **жансакчы.**

**ТЕЛПЕГЕЙ** *сейр.* Жазы кырбулуу кийиз калпактын бир түрү, жээги жазы келген кийиз калпак.

**ТЕЛПЕЙ** 1. Сынынан кетүү, кебетеси жаман көрүнүү, жүдөө. *Кайда баратасың телпейип?* (Жантөшев). 2. Келишими, жарашыгы жок болуу (көбүнчө баш кийимге карата). *Башындагысы телпейген жаман тумак.*

**ТЕЛПЕЙТ телпей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЛПЕК** 1. Тебетей, баш кийим. *Алайдан чыккан Мырза уул жигит, Кундуздан телпек кулпунта кийип* (Осмонон). 2. *диал.* Тумак.

**ТЕЛПЕКТЕ** Сыны жок жүрүш-турушта болуу, жөнү жок аракеттерди жасоо. *Телпектеп кайда барасың? Колдон келбеген соң, курулай телпектей бербесеңчи* («Чалкан»).

**ТЕЛПЕКТЕТ телпекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЛПЕКТӨӨ телпекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛПЕҢДЕ телпекте** менен бирдей.

**ТЕЛПИЙ телпей** менен бирдей.

**ТЕЛПИЛДЕ телпекте** менен бирдей.

**ТЕЛТЕҢ** *диал.* Эрке.

**ТЕЛТЕҢДЕ телтекте** менен бирдей.

**ТЕЛТИРЕКТЕ** Өтө чарчагансып же мас болгонсуп буттары чалыштап калуу, темтеңдеген, телтектей баскан абалда болуу.

**ТЕЛТИРЕКТЕТ телтиректе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕЛТИРЕКТӨӨ телтиректе** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛҮҮ** 1. Төрт түлүк малдын төлдөрүн (кулун, музоо, бото, козу, улак) энеси өлүп кал-

са, же эмизбей жерисе, же желининен сүт чыкпаган учурда (көбүнчө кой, эчки) башка бир сүтү барына эмиздирип жүрүп, үйүр алдыруу, көндүрүп телип эмизүү. 2. *өт.* Бөтөн, мамилеси тоң адамга көшөкөрлүк менен жагынуу, жабышуу, жабыштыруу. *Буларга телинип жүрүп деле эл боло албадым* («Ала-Тоо»). *Бүлөөсүн сурап аркасынан бир келишпесе, аларга кызымды телип бермек белем* («Кыргызстан аялдары»).

**ТЕЛҮҮ** **тели** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛЧИ** 1. Жаңыдан кадам шилтөө, басуу (жаш балага жана жаш төлгө карата). *Ак байталдын кулуну телчидиби?* (Мидин). *Бала телчип басып калды.* 2. *өт.* Өсө баштоо, жетилүү, жетилүү процессинде болуу. *Кыргыздын жаңы гана телчип келе жаткан опера театры чоң кадам жасады* («Кыргызстан аялдары»).

**ТЕЛЧИГҮҮ** **телчик** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕЛЧИК** **телчи** менен бирдей.

**ТЕЛЧИТ** **телчи** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕМА** 1. Ой жүргүзүүнүн, сүйлөшүүнүн, аңгеменин негизги мазмуну, предмети. *Балдарга билим берүүнү тереңдетүү темаларына байланыштуу илимий-практикалык конференция уюштурулду* («Кут билим»). *Айыл чарба темасына арналган лекция окулду* («Кыргыз Туусу»). 2. Өтүлүүчү сабактын, лекциянын ж.б. тематикалык аталышы. *Сабактын темасын доскага жазып коюу.*

**ТЕМАТИКА** Темалардын жалпы жыйындысы.

**ТЕМАТИКАЛЫК** Кандайдыр бир темаларга мүнөздүү болгон, кандайдыр бир темага арналган. *Лекциялардын тематикалык планы. Тематикалык концерт.*

**ТЕМБИЛ** **темгил** менен бирдей.

**ТЕМБР** Үндүн, аспаптын добуштук кубулушу, бири-биринен айырмаланып туруучу сапаты, кубулжуп чыккан мукамдуулугу. *Добуштун уккулуктуу тембри. Инструменттин жумшак тембри.*

**ТЕМБРДИК** **тембр** дегенге таандык. *Музыкалык аспаптардын тембрдик айырмалары.*

**ТЕМГЕК** 1. *тар.* Кичинекей тактайга же таякчага түшүрүлгөн белги, так, оюк. 2. Даража, бийлик, белги, кызматтык абал.

**ТЕМГЕКТЕ** Из калтыруу, белги калтыруу, так болуп калуу.

**ТЕМГЕКТҮҮ** Даражалуу, б.а. бийлик белгиси бар адам. *Эл билген эрлер темгектүү* («Манас» С.О.).

**ТЕМГИЛ** Түрдүү түстөгү так, белги. *Темгил чаар. Темгил-темгил тактар. Чаргындын жаагында темгили бар* (Сыдыкбеков). *Билегинин үч-төрт жеринде исиркектеген темгил тактарды көрүштү* (Бейшеналиев).

**ТЕМГИЛДҮҮ** Темгил-темгил, темгили бар.

**ТЕМЕНЕ** Кап, таар, кийиз жана башка калың материалдарды тигүү, көктөө үчүн колдонулуучу жоон жана узун ийне. *Темененин көзүнө шоона саптады* (Токомбаев).

**ТЕМЕНЕНИН КӨЗҮНӨН ӨТКӨН** Абдан эпчил, шылуун, айлакер. *Темененин көзүнөн өткөн шылуундугун көр* (Үмөталиев).

**ТЕМИН I** Тебелетип кырман бастырыш үчүн катар чиркештире тизилген жана кырмандын ортосундагы мамыга байланган өгүздөрдүн же жылкынын тобу.

**ТЕМИН II** 1. Минген унааны ылдамыраак бастыруу үчүн бут менен капталга ургулоо, ургулап басыгын тездетүү. *Каныбек теминип койгондо, кара кашка секирип кетти* (Жантөшев). 2. *өт.* Алга умтулуу, ыкчамдап аракеттенүү. *Кашаң тартып кеттиңиз, Камчыланбай, теминбей* (Мидин). 3. Үзөңгүгө бут салган, үзөңгүнү тээп турган абалда болуу. *Алтын менен жалатып жасалган үзөңгүсүн чирене теминип, күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев). *Мукаш эки үзөңгүнү үчкай теминди* (Сыдыкбеков). 4. Тап берүү, жутунган, обдулган абалда болуу. *Табына келсе ак шумкар, Тоодакты көрсө теминет* (Осмонкул). *Тууганыңды коркутуп, Душманыңа теминбе* («Кедейкан»).

**ТЕМИНГИ** 1. Үзөңгү боонун төмөнкү бөлүгү. 2. Куштардын чалгын канаты.

**ТЕМИНГИЛЕ** *диал.* Чирене теминүү. *Тизгинди жыя темингилеп так түйүлттү.*

**ТЕМИНДИК** *этн.* Тебелетип кырман бастыруу үчүн арналган, темин үчүн керектелүүчү. *Бир теминдик унаа бер, Буудай басам деп атат* («Манас»).

**ТЕМИНДИР** **теминт** менен бирдей.

**ТЕМИНЕ** *диал.* 1. Кооздоп жасалган ат жабуунун чет-четиндеги асемдүү торчо. *Ак кийизден кийин теминеси бар жабуу салат.* 2. Алгыр куштардын канатындагы өзүнчө ылдый бөлүнүп турган үлгү.

**ТЕМИНӨӨР** 1. Ээрдин бөлүгү. 2. Буттун таманынын согончок жаккы ички оюгу.

**ТЕМИНТ** **темин** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕМИНҮҮ** **темин** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕМИР** 1. Балка менен согуп узанганда созула турган, чоюлгуч келген оор металл, химиялык элемент, чоюн менен болоттун негизги составдык бөлүгү. *Жыгачтын көркү мөмөдө, Темирдин көркү өгөөдө* (Токтогул). *Дөшүң калды темирден, Көзү ачык өттүң өмүрдөн* (Тоголок Молдо). 2. Ушул металлдан жасалган ар кандай буюм-терим, курал. 3. *өт.* Катуу, бекем, чың. *Темир булчуң.*

**ТЕМИР АЯЗ** Чыкылдаган ызгаардуу, абдан катуу суук. – *Асман айнектей болуп, жылдыз жаркырап, темир аяз болуп турган экен го?* (Жантөшев).

**ТЕМИР ЖОЛ** 1. Поездлер жүрүүгө ылайыкталып жасалган рельсалуу жол. 2. Ушундай жолдорду жабдуу, алар аркылуу болгон жол катнашуу жактарын тейлөө ж.б. иштерди жүргүзүүчү мекемелердин жалпы системасы.

**ТЕМИР КАНАТ** 1. Балапандын канат түтүкчөлөрү пайда болгон учуру. *Уядан чабалекейдин темир канат болуп калган балапандары чыркылдады* («Ала-Тоо»). *Уянын ичинде экөө темир канат, бирөө кызыл эт – үч балапан жаткан* (Осмоналиев). 2. Жаш, өсүп жетиле элек. *Темир канат жаштар барат, Бир четинде кылкылдап* (Нуркамал). *Темир канат кезимде мени ушул мектепке жиберген эле* (Сыдыкбеков).

**ТЕМИР КОМУЗ** *же* **ооз комуз** Ичке темирден бир жак учун туюк, жазы, экинчи жагын кууш кылып ийип жасаган, оозго салып, ортосундагы тилин сөөмөй менен кагып, көмөкөй аркылуу үнгө келтире турган музыкалык аспап. *Кыз-келиндер темир комузду безелентип, нечен түрдүү күүгө салып жатышат* (Абдукаримов). *Адамгалый кыякты коё коюп, ооз комузун ойноду* (Каралаев).

**ТЕМИР-ТЕСЕК** Ар кандай металл буюмдарынын, зымдын, темир кесектеринин жалпы аталышы. *Сарайдын капталында жаткан темир-тесектердин арасынан өзүнүн кичинесинде тепкен велосипедин көрүп, көп нерсе эсине түшүп, эсил кайран эне-атасын эстеп, көкүрөгү көлкүлдөп, көзүнө жаш тегеренди.*

**ТЕМИРДЕЙ** Катуу, бекем, чың. *Темирдей тартип.*

**ТЕМИРДИ КЫЗУУСУНДА СОК** Ар нерсени өз учурунда иште, ар иштин өз учурундагысы жакшы. *Иш ушундай баатыр. Бүгүндөн калсак кечигебиз. Темирди кызуусунда сок* («Кыргызстан маданияты»).

**ТЕМИРЕТКИ** Денеге тегерете жайылып чыккан кычыштырма тери оорусу.

**ТЕМИРТЕН** 1. *сейр.* Колго жасалган жөнөкөй бычак. 2. Эскирип, мокоп калган, казанды кырып, көөлөп тазалоодо колдонулуучу бачак. 3. Түрдүү темир-тесектин сыныктары.

**ТЕМИРЧИ** Темир уста. *Карала болгон көмүрчү, Карсылдаткан темирчи* («Кедейкан»). *Темирчинин бычагы жок* (макал).

**ТЕМП** Иштин аткаруунун, бүтүрүүнүн, орундатуунун ылдамдыгы, тездиги. *Ушул темпиңден жазбай ишиңди илгерилете бер* («Ала-Тоо»). *Иштин темпин көргөзгөн, Үлгүлүү шайыр жаштар го* (Турусбеков).

**ТЕМПЕ** Кыркылган козунун же тооктун жүнүнөн жасалган жука кийиз, козунун же тооктун жүнүнөн колго согулуп жасалган кездеме.

**ТЕМПЕЙ** **телтей** менен бирдей.

**ТЕМПЕРАМЕНТ** 1. Адамдын турмушка карата болгон активдүү аракетинен, жөндөмдүүлүгүнөн жана анын эмоционалдык жактан таасирленүүсүнөн көрүнүүчү адамдын психикалык түзүлүшүндөгү өзгөчөлүк, мүнөз. *Жоош темперамент.* 2. Белгилүү бирдемелерге шыгы, ынтаасы бардыгы менен айырмаланып турган адамдагы касиет. *Актёрдук темперамент. Акындык темперамент.* 3. Сезимдин өтө козголгучтугу, ойгонгучтугу, тышкы чөйрөнүн таасирине кишинин сезүү жөндөмдүүлүгү.

**ТЕМПЕРАМЕНТТҮҮ** Өзгөчө кызуу темпераменти, жандуулугу менен айырмаланган бирдемелерге шыктуу, ынталуу, угуттуу. *Темпераменттүү киши. Темпераменттүү актёр. Темпераменттүү бий.*

**ТЕМПЕРАТУРА** 1. Жылуулукту жана муздактыкты мүнөздөө даражасы. *Жылдын орточо температурасы. Күндүн температурасы.* 2. Ден соолукту билгизүүнүн көрсөткүчү болгон адамдын дене жылуулугу.

**ТЕМСЕЛЕ** 1. Таба албай, көрө албай карайлоо, курулай убаралануу, жол таба албай сыйпалап, ар нерсени кармалап басуу. *Эсер Чонтой темселеп, Эшигин таппай энтелеп* (Тоголок Молдо). *Караңгыда эчтеме таба албай темселей бердик.* 2. Чарчапчаалыкканда, кыйналып жүдөгөндө, арыпачканда темтеңдеп калуу, тентирөө, эптеп сүйрөлүп жүрүү. *Кечке чарчаган байкуш бала темселеп үйүнө араң кетти* («Ала-Тоо»). *Айрылып мал-жанынан темселеп, нечен карылар көчөдө калды* (Турусбеков).

**ТЕМСЕЛЕТ** **темселе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕМСЕЛӨӨ** **темселе** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕМТЕЙ I** **телпей** менен бирдей.

**ТЕМТЕЙ II** 1. Байкуштук башына түшүп, киши аярлык түргө келүү, маанайы пас, капалуу, түйшүктүү абалда болуу. *Бир нече күндөн кийин, темтейип, Ашым айлына келди* («Ала-Тоо»). *Чабандан үмүтүн үзүп, темтейип экөө жолго чыкканын Момункул дүрбү менен көрдү* («Чалкан»). 2. Абдырап эмне кылаарын билбей калган түргө келүү. Жүүнү бошоп, шелпейген абалга келүү. *Телибай жинди темтейип, Талаадан качып жоголду* (Тоголок Молдо). *Өзүңдү өзүң кордойсуң, Темтейген шумшук атанып* (Шүкүрбеков).

**ТЕМТЕЛЕҢДЕ** **темтеңде** менен бирдей.

**ТЕМТЕҢ** 1. Тели оорусу менен ооруган жылкылардын тынчып жөн тура албай термелиңки тартып, темтеңдеп турган абалы. 2. Тең салмактуулукту сактай албоонун натыйжасында келип чыгуучу ишенимсиз шилтеңген кадам, басык (мис. жаңы тамтуң баса баштаган балдар же мас кишилер). *Ошондо жаңыдан темтең басып жүргөн Айнагүл аттуу кызы азыр чоңоюп калды* («Ала-Тоо»).

**ТЕМТЕНДЕ** 1. Буту чалыштап, тамтандоо, түз баса албоо. *Кирип келди темтеңдеп, Башы айланган мас киши* (Токомбаев). 2. Белгилүү бир жерде, кызматта көпкө чейин туруктуу болуп кала албай, улам бир жерге которулган же тың оокат кыла албай эптеп-септеп күн өткөргөн абалда болуу. *Чүрпөлөрүң багам деп, ошондогу, Темтеңдеп азап чеккен күндөрүңдү* (Байгазиев). *Вокзалда темтеңдеп көмүр түшүрүп жүрөт* («Асаба»).

**ТЕМТЕНДЕТ темтенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕМТЕНДӨӨ темтенде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕН** Дене, ден. *Тенден жаным кеткенче, Артыңдан издеп табармын* (Эл ырлары). *Марттык кылгын мал барда, Канимет кылгын эр жигит, Тенеңде азиз жан барда* (Эл ырлары). *Сыяда тенден сызылып чыккан баласы үчүн жаны кейип, жүрөгү мыкчылып жүрчү.* (Сыдыкбеков). *Терметип чексиз кыялды, Тениме шаттык кыналды* (Бөкөнбаев).

**ТЕНДЕНЦИОЗДУУ** 1. Белгилүү бир тенденцияга биш ийдирилген. 2. Атайын алдын ала ойлонулган, калыстыгы жок.

**ТЕНДЕНЦИЯ** 1. Кандайдыр бир көз караштын, умтулуунун аракеттин багыты; бир нерсеге берилгендиктен, умтулгандыктан келип чыккан аракет. *Прогрессивдүү тенденциялар* 2. Баяндоонун, сүрөттөөнүн идеясынын багыты, оюу. 3. Угуучуга, окуучуга, көрүүчүгө алдын-ала таңууланган, бир жактуу ой, пикир.

**ТЕНДЕНЦИЯЛУУ** Бир жактуу, калыстыгы жок. *Тенденциялуу көз караште болуу.*

**ТЕНДЕР** 1. Кор суу, отун, жабдык ж.б. салынып паровоздун артына чиркелүүчү вагон. 2. *спорт.* Парустуу кичинекей кеме. 3. Катышуучулардын алдын-ала билдирмеси боюнча уюштурулган соода-сатык, аукциондордун коммерциялык конкурсу.

**ТЕННИС** Атайын жасалган досканын ортосуна эки тарапты бөлүү үчүн тартылган тордун үстүнөн кичинекей топту ракетка (калакча) менен ары-бери чаап ойной турган спорттук оюн. *Теннис оюну боюнча мелдеш.*

**ТЕННИСИСТ** Теннисте жакшы ойноочу киши, теннисчи.

**ТЕННИСЧИ теннистист** менен бирдей.

**ТЕНОР** 1. Эркектин бийик үнү. 2. Ушундай үндүү обончу.

**ТЕНТЕК** 1. Шок, бейбаш, тартипсиз, ээнбаш. *Тентек чокмор жыят* (макал). 2. Шайкелең, оюнкараак. *Тентек молдо – телмирген өгүз* (макал). 3. *өт.* Тынчыбаган, ойкуп-кайкыган, бууракандаган. *Тентек желдин эркине булуттар көчө баштады* (Осмонов). *Тентек дайра.*

**ТЕНТЕКТЕН** Тентектик кылуу, ээнбаштануу, бейбаш болуу. *Орусбек да анча тентектенген жок* (Сыдыкбеков).

**ТЕНТЕКТЕНҮҮ тентектен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕНТЕКТИК** Адат болуп калган, жалпыга белгилүү көпчүлүк үчүн норма болуп калган жүрүш-туруш эрежелерин бузуучулук, ээн баштык, шоктук, тартипсиздик. *Сен тентектик кылып, жөнү жок эле баатырсына бербе, – деп, Алымкул инисине эскертти* (Абдукаримов). *Жетимге тентектик жарашпайт* (Токомбаев).

**ТЕНТИ** Ар кандай себептер менен элжеринен азуу, эптеп күн көрүү үчүн эл аралап кетүү. *Сен кайда тентип жүрдүң? Минтип бөтөн эл, бөлөк жерде тентип кордукту көргөндөн көрө өз жерибизге кетели* (Каралаев). *Залим кандын каарынан, Тентип келдим, эшеним* («Кедейкан»). *Тентип келсем Таластан, Мен теңдик таптым бияктан* (Калмырза).

**ТЕНТИМЕ** *диал.* Тентимиш. *Ал бир тентиме.*

**ТЕНТИМИШ** Эл-жеринен азган, селсаяк. *Тентимиш бала сенсиңби* (Токомбаев).

**ТЕНТИРЕ тенти** менен бирдей.

**ТЕНТИРЕТ тентире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕНТИРӨӨ тентирөө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕНТИТ тенти** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕНТҮҮ тенти** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢ I** 1. Бирдей; барабар. *Кең жер – улуу, кичүүгө тең жер* (макал). 2. Бир бүтүндүн жартысы, жарымы. *Айдын теңи жарык, теңи караңгы. Үйдүн теңи сеники, теңи меники.* 3. Курдаш; жашташ. *Ээрчишип баскан жашымдан, Теңим аман барсыңбы* (Токтогул). *Көрөмбү деп жүрчү элем, Бирге өскөн сендей теңимди* (Токтогул). 4. Күйөөколуктунун бири. *Сабиранын бүткүл оюу, санаасы жаштыктын мөмөсүн бирге таткан теңинде* (Сасыкбаев). *Кыз алган теңи.* 5. Баары, бүт. *Айтып турган төрт Мамыт, Төртөө тең керек жан экен* («Эр Төштүк»).

**ТЕҢ II** Бирөөгө таандык экендигин же кандайдыр бир нерсеге карата тиешеси бар экендигин билдирүүдө колдонулат. *Мага тең. Бизге тең.*

**ТЕҢ АТА** 1. Туугандыгы жактан бирдей даражада, бирдей укукта, биринен биринин өйдөчүлүгү жок. *Тең ата болуп алдык. Тең атаны тең кылбай, Укпады айткан сөзүмдү* (фольк.). *Түбүндө көргөн күнүбүз, тагдырыбыз биригип, тең ата тууган болуп кетебиз* (Касымбеков). 2. *өт.* Жаш, даража, деңгээлине карабай теңтушсунуу, чоң сүйлөө. *Жашабай жатып мага тең ата болгонду сага ким койду* («Ала-Тоо»). **В.:**

**Тең тууган.** *Манаска тең тууган болом дей берди* («Манас»).

**ТЕҢ ЖАРЫМ** Бир нерсенин тең экиге бөлүнгөн жартысы. *Чаргын боорсоктун тең жарымын бөлө тиштеди* (Сыдыкбеков).

**ТЕҢ ОРТОК** Бир нерсенин жарымына энчилеш, бир нерсеге ортоктош. *Кене, түлкү тең орток болуп буудай айдашты* (Мидин).

**ТЕҢ ТАЙЛАШ** Биринен биринин өйдөчүлүгү жок, даражасы бирдей. *Демек, ал Келдибектин бөлтүрүктөрүнүн жугундукору эмес, тең тайлашы* (Бейшеналиев).

**ТЕҢ ТАЙЛАШУУ** Кандайдыр бирөөлөр менен бирдей даражада, катарда болууга аракеттенүү, атаандашуу. *Бирок ошолорго тең тайлашып өсүп келе жаткан мастерлер алымсынарлык эмес* (Жусупов).

**ТЕҢ ТУУГАН** Туугандык, тек жагынан укугу бирдей, бири-бирине укугу тең.

**ТЕҢГЕ** 1. Акча бирдиги. Майда акча, күмүш тыйын. *Беш теңгеден пул берди. Теңгедей болгон жамбыны тегеретип түштү. Ыймам болуп теңге алган Молдосу бар дечү эле* (Токтогул). 2. Казакстан Республикасынын улуттук акча бирдиги.

**ТЕҢГЕ ЧӨП** Тегерегирээк келген 3–4 жалбыракчасы чогулуп бир сабакка бириккен майда чөп. *Теңге чөп издеп талаада, Жарышып чуркап ойногон* (Мидин).

**ТЕҢДЕ** Бир нерсени өз ара барабар кылуу, барабарлоо, теңөө. *Ал эки капка ун теңдеди* (Жантөшев).

**ТЕҢДЕЛ** **теңде** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕҢДЕМЕ I** *мат.* Бир же бир нече белгисизин таап, барабардап чыгаруучу алгебралык эсеп, туюнтма.

**ТЕҢДЕМЕ II** *диал.* Тараза.

**ТЕҢДЕН** 1. Бир нерсени эки жагына барабарлап артынуу. *Жеке таз бир жагына көмүр, экинчи жагына күл теңденип алган экен* («Ала-Тоо»). 2. **теңде** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕҢДЕТ** **теңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢДЕШ I** 1. Эрди-катындын бири. *Атакем кошкон жолдошум, Энекем кошкон теңдешим (*«Эр Табылды»). 2. *диал.* Курбу, курдаш. *О, теңдешим, тамырың менен тыт кагасың.* 3. Бирдей болуп аралашкандык. *Ал уруу менен биз теңдешпиз да.*

**ТЕҢДЕШ II** Бири-бирине барабар, тең келише алган. *Ага теңдеш киши болгон эмес. Теңдешкен ырчы калган жок, Теңириме арман жок* (Калмырза).

**ТЕҢДЕШ III** Тең келүү, теңеле алуу, кем калышпаган бирдей абалда болуу.

**ТЕҢДЕШСИЗ** Өтө мыкты, сонун, артыкча, өзгөчө. *Менменсиген төрөлөрдү ызалантты, Теңдешсиз жүрөктөгү акылдары* (Маликов).

**ТЕҢДЕШТИК** Барабардык, бирдейлик, тең келерлик. *Теңдештик салмак.*

**ТЕҢДИК** 1. Тең укуктуулук, эркиндик, боштондук. *Эзилип жүргөн элибиз, Теңдик алып жыргады* (Осмонкул). 2. Калыстык. *Теңдик керек да. Ээси теңдикке көнсө да, ууру көнбөйт (макал).*

**ТЕҢДӨӨ** **теңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢДҮҮ** Тең чамалуу, бирдей, курдуу. *Дилде өзү теңдүүлөрдүн тыкылдагы болчу* (Касымбеков). *Өзүм теңдүү көп курдаштардын бала ээрчитип жүргөндөрүн көрдүм* (Абдукаримов).

**ТЕҢЕ** 1. Тең кылуу, барабарлоо, экинчи бирөөнүн катарына теңдештирүү. *Ишиңди алдыңкыларга теңе.* 2. Тең келерлик деп кароо, теңдеше алат деп саноо. *Кылкылдаган көп элди, Кырк кишиге тең деген, Алжыганың эмеспи* (Курманбек).

**ТЕҢЕЛ** **теңе** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕҢЕТ** **теңе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢЕШ** Тең келишүү, теңеле алуу.

**ТЕҢЕШТИР** **теңеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢЕШҮҮ** **теңеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢИЗ** Барына бирдей караган калыс, кең пейил. *Теңиз атам, көк жал шер, Телегейи тең экен* («Сейтек»).

**ТЕҢИНЕ АЛБОО** Өзүн жогору саноо, бой көтөрүү, теңсинбөө. *Үч жыл ээрчип сенден мен калбадым, Терс бурулуп теңиңе сен албадың* (Абдыраманов).

**ТЕҢИРЕЙ** Мурдунун учу чолок болуп, теңирекей тартып көрүнүү. *Мурду теңирейген кара тору жигит* («Ала-Тоо»).

**ТЕҢИРЕЙТ** **теңирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢИРЕКЕЙ** Мурду чолок, теңирейген. *Керез теңирекей мурдун шор тартты* (Бейшеналиев).

**ТЕҢИРЕҢДЕ** 1. Теңирекей тарткан көрүнүштө болуп, ээ-жаа бербей сүйлөө. *Теңирең-деп сүйлөй бербе, – деди аялына Аман* («Ала-Тоо»). 2. Жулунуп, адырандагансыган аракетте болуу.

**ТЕҢИРЕҢДЕТ** **теңиреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢИРЕҢДӨӨ** **теңиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢИРИ** **теңир** менен бирдей.

**ТЕҢИРИН ТААНУУ** Алды-артын байкоо, абайлоо, көзүн ачуу. – *Мындан кийин теңириңди таанып жүр, арам кул* (Сыдыкбеков).

**ТЕҢИРСИ** Өзүн жанга теңебей, менменсинүү. Өзүн башкалардан жогору санап бой көтөрүү, дөгүрсүү. *Темтеңдетип издетпей, Теңирсиген чоң калмак, Тегеренип келди го* («Эр Табылды»). *Темир капка шаарында, Теңирсиген калча бар* («Семетей»).

**ТЕҢИРСИН** **теңирси** менен бирдей.

**ТЕҢИРЧИЛИК** Көкө Теңирге сыйынуу

ишеними. *Бабаларыбыз теңирчилик ишенимин бек тутуп келишкен.*

**ТЕҢМЕ-ТЕҢ** 1. Бипбирдей, бирдей өлчөмдө. *Ал адамдын теңме-теңи агарган тегерек сакалы жайыла түшкөнсүдү* (Сыдыкбеков). 2. Эки тең – унаанын эки жагына тендеп артыла турган, тенделип артылгыдай (жүккө карата). *Эки тең отун алалык* (Калык).

**ТЕҢӨӨ теңе** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢСЕЛ** Ыргалуу, ары-бери жай кыймылдоо, чайпалуу. *Илгичке суу көтөргөн аял теңселип басып баратат* («Ала-Тоо»). *Уйлардын желиндери чытырайып казандай болуп теңселе басып келишти* (Бейшеналиев).

**ТЕҢСЕЛДИР теңселт** менен бирдей.

**ТЕҢСЕЛТ теңсел** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢСЕЛҮҮ теңсел** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢСИЗ теңдешсиз** менен бирдей.

**ТЕҢСИЗДИК** Бирдей укуктун жоктугу, укуксуздук, адилетсиздик. *Суусунан өттүм Нарындын, Теңсиздик сага таарындым* (Казыбек). *Калык жокчулукту, теңсиздикти, бай-манаптардын залимдигин ырдаган.*

**ТЕҢСИН** Теңине алуу, башка бирөөнү өзү менен барабар сезүү, өйдөсүнбөө. *Жигит өзүн менсинет, жигитти кимдер теңсинет.*

**ТЕҢСИНҮҮ теңсин** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢТАЙЛАШ** Бири-бирине бой бербөө, бири-бирине барабар келүү (мис., күч жагынан). *Теңтайлашып балбандар, Аябай катуу күрөшүү* («Манас»).

**ТЕҢТАЙЛАШТЫР теңтайлаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕҢТАЙЛАШУУ теңтайлаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕҢТУШ** Бирге өскөн, бир жашташ курбу, тек курбу. *Карабек теңтуштары менен кетти* (Жантөшев). *Деним таза билегимде күч барда, Теңтуштардан кантип артта калайын* (Осмонкул). *Теңтуштардын баарынан, Албаганым калган жок* (Калмырза).

**ТЕҢТУШТУК** Курдаштык, тең курбулук, бирге өскөндүк. Тең курбулук, бирге өскөндүк. *Теңтуштук дартың козголуп, Тиги жайлык дос болуп* («Курманбек»). *Кесиби бир, теңтуштук ынтымагы бар* (Сасыкбаев).

**ТЕҢЧИЛ** Баарын бирдей көргөн адилет, калыс.

**ТЕҢЧИЛИК** Адилеттик, калыстык. *Теңчилик кыл.* 2. Тең укуктуулук. *Теңчилик доор чыкканда, Териме батпай семирдим* (Токтогул).

**ТЕОРЕМА** Математикада далилдөөнү талап кылуучу жобо. *Пифагордун теоремасы. Теореманы аныктоо.*

**ТЕОРЕТИК** Илимдин, искусствонун кандайдыр бир тармагынын теориялык маселелерин иштөөчү киши.

**ТЕОРИЯ** 1. Практикалык тажрыйбаны жалпылоочу жана ойлоонун, коомдун, жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгүн чагылдыруучу окуу, илимий принциптердин, идеялардын системасы. 2. Белгилүү бир илимдин бөлүмү же кандайдыр бир чеберчилик, устаттык жөнүндөгү эрежелердин жыйнагы. *Ыктымалдык теориясы. Шахмат оюнунун теориясы. 3.* Кандайдыр бир кубулуштарды, фактыларды түшүндүрүүдө жалпы принципке негизделген илимий жоболордун жыйындысы. *Заттардын түзүлүшүнүн атомдук теориясы. Түрлөрдүн чыгышы жөнүндөгү Дарвиндин теориясы. Кандайдыр бир маселелер боюнча көз караштардын, пикирлердин жалпыланган системасы. Жумушчу кыймылындагы стихиялуулук теориясы.*

**ТЕОРИЯЛЫК теория** дегенге таандык. *Теориялык маселе. Теориялык даярдык.*

**ТЕОРИЯЧЫ теоретик** менен бирдей.

**ТЕОСОФИЯ** *филос.* Тиги дүйнө менен байланышуу аркылуу кудуретти таанып билүүгө болот деген диний-мистикалык окуу.

**ТЕП I** 1. Бут менен согуу, уруу. *Жети муштап, бир тепсе, Кала берем тура албай* (Токтогул). *Топ теп.* 2. Бир нерсенин үстү менен сыйгалактоо, илгерилеп жылуу, жүрүү, күүлөнүү. *Муз теп. Селкинчек теп. Чана теп.* 3. Көбөйүүнүн натыйжасында (мис. сүт, ириң ж.б.) чыңалып, толуп кетүү, туш тарабына жайылып кетүү, чаап кетүү. *– Сааш керек. Антпесе, сүт тээп кетип, бээлердин желини бузулат* (Байтемиров). 4. Карды шилеп отто же анын алдынан от таап жеш үчүн буту менен жер чапчылоо (малга карата). *Ушул жерлердин чөбүн кышында тээп оттогон жылкы кышыңды билеби?* (Байтемиров). *Ак карды жээрде кашка эше-эше тээп, алдынан бетеге аралаш тулаңды эшип жей баштады* (Жантөшев). 5. Бийиктикке жогоруга чыгууда же түшүүдө, унаага минүүдө бутту тепкичке, үзөңгүгө ж.б. такоо, сүйөө. *Чөп алып таштоо үчүн Белек бастырманын башына шатыны тээп чыга баштады* («Ала-Тоо»). *Темиров үзөңгүсүн теппестен эле атынан ыргып түштү* (Жантөшев).

**ТЕП II** Сын атоочтун тептегиз, тептегерек, тептекши сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТЕПЕЙ** Көзгө токтомдуу болбой, кичинекей көрүнүү. *Эки тоонун арасында тепейген алачык бар.*

**ТЕПЕЙТ тепей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПЕК козу карын** менен бирдей.

**ТЕПЕҢ: тепең-тепең** Тез-тез тыпылдаган кыймыл-аракетти, тыпылдап ылдам баскан, теминген көрүнүштү билдирүүдө колдонулат.

*Беркилердин бири дүкүлдөсө, экинчиси тепең-тепең этип баскан кызга араң зорго тең тайлаш кадам шилтөөдө* (Бейшеналиев). *Зулайка буларды карамаксан болуп тепең-тепең теминип өтүп кете берди* (Элебаев).

**ТЕПЕНДЕ** Тез-тез тепилдеп кыймылдоо, жүрүү (кичине кишиге, балага же ошондой башка жаныбарларга карата). *Чыканактай эр Сыргак, Бардыгына жол баштап, Астына түштү тепеңдеп* («Манас»).

**ТЕПЕНДЕТ тепенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПЕНДӨӨ тепенде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕПИЛДЕ** Тез-тез кыймыл аракетте болуу, тызылдаган ылдам жүрүштө болуу, чуркагансып лепилдеп жүрүү. *Кайрат тепилдеп жол баштады* (Бейшеналиев). *Тепкедей ата менен балага бирдей аралжы болом деп тепилдеп жүрүп, чүкөдөй бүрүшүп жүдөдүк* («Ала-Тоо»).

**ТЕПИЛДЕТ тепилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПИРЕЙ** Жапыз келип, кичинекей көрүнүү, тепейүү. *Камыш жайылган тепирейген ак тамдар* (Касымбеков).

**ТЕПИРЕЙТ тепирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПКЕ** 1. Комуздун кылдарын чертүүгө ылайыктап көтөрүү үчүн кылдардын алдына туурасынан коюлган кичинекей жыгач тээк. *Комуздун тепкеси арчадан жасалган.* 2. Апийим өсүмдүгүн ж.б. отоо чөптөрдөн арылтып отоо, чабуу үчүн колдонулуучу узун саптуу чапкыч, кичинекей кетменче, чанжы.

**ТЕПКЕДЕЙ** Кипкичинекей. *Теңтуш элек экөөбүз, Тепкедей кезден сырдашкан* (Токтогул).

**ТЕПКЕК тепке менен** бирдей.

**ТЕПКИ** Тепкилеп урган сокку, сабоо, токмок. *Тепки менен чоңойдум, Темирдей бышып алтын баш* (Осмонкул).

**ТЕПКИЛЕ** Тепкиге алуу, токмоктоо. *Тетири карап койдуң деп, Тепкилеп какбаш кармашты* (Калык).

**ТЕПКИЛЕТ тепкиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПКИЛЕШ тепкиле** этишинин кош мамилеси.

**ТЕПКИЛӨӨ тепкиле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕПКИРИН ТАБА АЛБАЙ КАЛУУ** Эмне кыларын билбей, айласын таппай калуу, өзүн жоготуп коюу. *Ал кирип келгенде тепкирин таба албай калды, үн-сөз жок отура берди* («Ала-Тоо»).

**ТЕПКИЧ** 1. Тээп чыгуу, өйдө көтөрүлүү же ылдый түшүү үчүн жасалган баскычтуу шаты. 2. Үйдүн жогорку кабатына чыгууга же түшүүгө ылайыкталып жасалган катар-катар баскычтар. *Студенттер тепкич менен жогору карай көтөрүлүп жатышты* (Бейшеналиев).

**ТЕПЛИЦА** Кышында өсүмдүктөрдү өстүрүүгө ылайыкталган жылуу жай. *Заводдо гүл өстүрө турган теплица курулган* («Кыргыз Туусу»).

**ТЕПЛОВОЗ** Ичинен күйүү жолу менен аракетке келген кыймылдаткыч аркылуу жүрүүчү унаа.

**ТЕПЛОМЕР** Керектөөчүлөрдүн теплофикациялык тармактан алуучу жылуулуктарынын санын өлчөө үчүн колдонулуучу аспап.

**ТЕПЛОСЕТЬ** Керектөөчүлөргө жылуулук электроборборунан жылуулук энергиясын жиберип туруучу жылуулук кубурларынын системасы.

**ТЕПЛОТЕХНИК** Жылуулук борборунда иштеген адис.

**ТЕПЛОТЕХНИКА** Жылуулукту алуу жана аны өнөр жайда, айыл чарбасында, турмушта пайдалануунун теориясы жана практикасы боюнча иштөөчү техниканын бир тармагы.

**ТЕПМЕ ЧЕПКЕН** Жүндөн колго түйүлгөн, эндей этекти чийге ороп түгү чыкканча тепкилеп, кургатып алып бычып тиккен чепкен.

**ТЕППЕК** *диал.* Жампа.

**ТЕПСЕ** 1. Бир нерсенин үстүнөн басуу, аралап басып өтүү, таптоо. *Жердин чөбү узарбайт, Уйпалап күндө тепсесе* (Осмонкул). *Өз жериңди чоочун күчтүн басканын, Ала-Тооңду тескеп-тепсеп жатканын* (Байгазиев). 2. Жок кылуу, талкалоо, жеңүү. *Жеримди баскан желдетти, Жеринде тепсеп таштайбыз* (Бөкөнбаев). 3. Эзүү, кыйноо, кордук көрсөтүү. *Байлар кедейлерди тепсеген заман.*

**ТЕПСЕЛ тепсе** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕПСЕНДИ** 1. Көп басылып тепселген, тебеленген, тапталган жер. *Тепсендиге койбой, быякка алып койгулачы* («Ала-Тоо»). 2. Көпчүлүктүн, көп элдин же малдын тебелеп, тепсеп өтүүчү жолу. *Көк бөрү тарткан кишилердин аттарынын тепсендисинде калган бала туралбады* (Жантөшев). 3. Эзүү, кордук. *Жансыз өлүктөй болуп, Жуманын тепсендисинде кала берди.*

**ТЕПСЕРҮҮН тепсенди** менен бирдей.

**ТЕПСЕТ тепсе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПСЕШ тепсе** этишинин кош мамилеси

**ТЕПСӨӨ тепсе** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕПСӨӨРҮН тепсенди** менен бирдей.

**ТЕПТИР теп** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕПТИРГЕ** Жааны ийип, керип тартып, уч жагынан байлануучу жип же кайыш.

*Саадагынан бир жип алды да, жаанын тептиргесине коюп мээлеп туруп жиберди* («Жаңыл Мырза»).

**ТЕПЧИ** 1. Ийне менен аттата тигүү, жамоо, жөрмөө. *Айша көйнөгүн тепчип алды* (Бейшеналиев). 2. Аралай өтүү, каршы-терши же ийри-буйру аралай өтүү. *Аскалуу тоону тепчип күпүлдөп келе жаткан поровоз зоокадагы станцияга токтоду* (Сасыкбаев). *Ошол аккан Сыр-Дайра, Кырк эки тепчип кечкенмин* («Манас»).

**ТЕПШИ** Жыгачтан оюп жасалган төрт бурчтуу буюм. *Жыгач тепшидеги арпа, сулулар төгүлүп, чачылып жатат* (Каимов). *Жума тепшини сырттан алып кирип, кир жууду* (Жантөшев).

**ТЕР I** Теринин астындагы бездерден бөлүнүп чыгуучу суюктук. *Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, тер көтөрбөй күлүк болбойт* (макал).

**ТЕР II** 1. Чогултуу, жыйноо; иргеп алып таштоо. *Балдар машак терди. Жүргүлө ойноп келебиз, Байчечекей теребиз* (Үмөталиев). *Пахта терүү. Күрүчтүн ташын тер. Тезек тер.* 2. Жулуу, жулуп алып таштоо. *Сакал, мурут, чач койбой, Маңдайына каш койбой, Искек менен тергиле* («Курманбек»).

**ТЕР КАРЫШУУ** Тердеп турганда суукка, желге урунуп, дене-башы курушуу, чыйрыгуу. *Бир аз тер карышып, тумоолоп калган болсо керек* (Убукеев). *Жакшы тердеп жат, кокус кечки жел аргыда тер карыша жаман* (Жантөшев).

**ТЕР КИЙИМ** Колунда жокторго, бечараларга берилген кийим, эскирип калган кийим.

**ТЕРАПЕВТ** Ички ооруларды кароо жагынан адистешкен врач.

**ТЕРАПИЯ** Ички ооруларды операциясыз (хирургдарды катыштырбай) жолдор менен дарылай турган медициналык бөлүм жана анын дарылоо методдору.

**ТЕРАТОЛОГИЯ** Майыптыкты, кемтикти изилдөөчү илим.

**ТЕРБЕЛ** *диал.* **термел** менен бирдей. *Эсен башын чайкай тербеле калып, залкар күүлөрдү чертет* (Сыдыкбеков).

**ТЕРГЕ** 1. Ден соолукка ж.б. байланыштуу тамакты ылгап, мүнөздөп ичүү. 2. Эски салт боюнча күйөөсүнүн туугандарын (кээде күйөөсүн да) атынан айтпай, башка сөз менен алмаштырып атоо. *Тергебей атыман эле айткын деп, сен келгени жалынып жүрүп, акыры, акыры көндүргөн экемин да* (Жакиев). 3. Ак, караны күнөөлүү, күнөөсүздүктү акыйкаттап текшерүү, сураштыруу, билүү. *Катуу тергеп, сүттөн таза куткарды, Өкүмөттүн чындыгынан садага* (Токомбаев).

**ТЕРГЕЛ** **терге** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕРГЕТ** **терге** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРГЕШ** **терге** этишинин кош мамилеси.

**ТЕРГӨӨ** **терге** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРГӨӨЧҮ** Кылмыш иштерине байланыштуу тергөө, суракка алуу жумуштарын жүргүзүүчү кызматкер.

**ТЕРДЕ** 1. Тер чыгуу. *Сабира бара-бара ысып, тердеп, күн көтөрүлгөн кезде райондун борборуна жетти* (Сасыкбаев). *Үй жылуу. Тердеп ысылап жатып уктап калыптырмын* (Байтемиров). 2. *өт.* Буудан суу болуу, нымшуу, бетине суу пайда болуу (мис. терезеге).

**ТЕРДЕМЕ** Кайталама келте.

**ТЕРДЕП-КУРГОО** Көп күч жумшап абдан убараланyy, кыйналуу, аябай аракеттенүү. *Ошентип, тердеп-кургап жатып, маселени араң чыгардым* («Кут билим»). *Жашоого ким да болсо шашып-дегдеп, Күндүзү тамак издейт кургап-тердеп* (Токомбаев).

**ТЕРДЕТ** **терде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРДИК** 1. Ичмектин үстүнөн ээрдин астына салынуучу токум. *Булгаары тердик. Саймалуу тердик.* 2. *диал.* Ичмек.

**ТЕРДИКТЕ** Тердикти салуу, токуу. *Жабдык салып, тердиктеп, Жабдыгы күмүш жаркылдап* («Саринжи Бөкөй»).

**ТЕРДИКТИН БЕТИНДЕЙ** Кичинекей, кенедей. *Тердиктин бетиндей жерге таруу айдашкан* («Ала-Тоо»).

**ТЕРДИР** **тер** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРДӨӨ** **терде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРЕБЕЛ** Айлана-чөйрө, туш тарап. *Ашыр теребелди суктана карады* (Сасыкбаев). *Теребелде толкундун шырпылдаган үнүнөн башка тынчтыкты бузган эч кандай жандык жок* («Ала-Тоо»).

**ТЕРЕЗЕ** 1. Үйдү жарык кылуу, аба киргизүү үчүн дубалдын бооруна жасалган ачык жер жана аны жабуучу айнектелген алкак. *Жалгыз тайлак боздойт дайым түшүмдө, Терезеге туруп алып үйүмдө* (Байгазиев). *Терезеде көчө карып күүгүмдө, Сен да мендей отурбагын үйүңдө* (Акматалиев). 2. *инф.* Ал маалыматты көрсөтүү үчүн колдонулуучу экрандын тик бурчтуу бөлүгү.

**ТЕРЕК** 1. Тал түркүмүнө кирүүчү дарак. *Соккон желге теректин жалбырактары шуудурайт* («Ала-Тоо»). *Теректей жетимсирейм өзүм бүгүн, Апаке, аздектеген ардагым ай!* (Байгазиев). 2. Жалпы эле жыгач, бак-дарак, бак-шак. *Теңирим бир жааса, терегим эки жаайт* (макал).

**ТЕРЕҢ** 1. Түбү бир кыйла, көбүрөөк созулган тайыз эмес. *Терең чуңкур. Терең деңиз. Поезддерди өткөрдү, Түбү терең коолор-*

*дон* («Жазгыч акындар»). 2. Кенен, кеңири, көп. *Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең, Тереңден термелсе күү угар белең!..* (Турусбеков). *Садагасы, дагы терең билим ал!..* (Турусбеков). *Каныбек үнчүкпастан терең ойго кетти* (Жантөшев). 3. Түп жак ичин көздөй кеткен алыскы тарап. *Тоонун терең түпкүрүндө машинаны тейлеп Фатима отурат* (Сасыкбаев). *Завод, фабрикалар тереңге көчүрүлүп жатыптыр* (Сыдыкбеков). 4. *өт.* Оор, катуу. *Айганыш терең үшкүрүнүп, баласынын сеңселген көкүлүнөн жыттап, жыттап, ошол боюнча башын көтөргөн жок* (Сыдыкбеков). *Дарыяхан терең улутунуп койду* (Жантөшев).

**ТЕРЕҢДЕ** 1. Тереңдиги артуу, улам терең боло берүү (мис. арык, чуңкур ж.б.), терең жагын көздөй утурлап баруу, тереңди көздөй жылуу. *Сууну улам тереңдеп кече берүү. Көл тереңдей берет. Табылгылуу коктулар тереңдеп, шибери жапырылат* (Сыдыкбеков). 2. Кеңүү, дагы терең боло берүү (мис. ой, маани, билим ж.б. карата) *Калыбектин оюу уламдан-улам тереңдеп көздөрү жашылданды (*Жантөшев).

**ТЕРЕҢДЕН** **тереңде** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕРЕҢДЕТ** **тереңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРЕҢДИК** 1. Чуңкурдун, коктунун, арыктын, көлдүн, деңиздин ж.б. үстүңкү кырынан түбүн карай кеткен эни, бийиктиги. *Имерилген кара суу, Тобурчак салса ойнобойт, Тереңдиги карандын, Тогуз найза бойлобойт* («Манас»). *Тереңдиги миң кулач, Текшерип эрлер көзүңдү ач* («Манас»). 2. Кеңдик, кеңири, кең болгондук. *Ойдун, тереңдиги. Маанинин тереңдиги.*

**ТЕРЕҢДӨӨ** **тереңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРИ** Адамдын, айбандын денесин каптап турган тышкы катмары, кабыгы; союлган же өлгөн айбандын сыйрып алынган талпагы. *Миң сыйрылып, миң түштү, Таманымдын териси* (Үмөталиев). *Шалбыратып теримди, Этимди алды карылык* (Токтогул). *Койдун териси, уйдун териси. Аюунун териси.*

**ТЕРИ ТЫШ** Өтө кир, шор басып, таман болуп кирдеген. *Кайран Жусуп, аны ушундай болот деп ким ойлоптур, үстүндөгү көйнөгү тери тыш болуп бүтүптүр* (Станалиев).

**ТЕРИГЕ АЛУУ** Элдик медицина боюнча кээ бир ооруган адамды жаңыдан союлган малдын терисине ороп тердетүү, дарылоо. *Табылдыны жаткырып, Териге алып тердетип* («Эр Табылды»).

**ТЕРИГҮҮ** **терик** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРИК** Жактырбай таарынуу, нааразы болуу. *Олдоксон айтылган орой сөзгө Саадат териге түштү* («Ала-Тоо»).

**ТЕРИКТИР** **терик** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРИЛ** **тер** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕРИМ** Жыйнап, терип алуу жумушу. *Пахта терими. Терим мезгили башталган убак.*

**ТЕРИМЧИ** Терүүчү, теримде иштөөчү, терип жыйноочу, терүү ишинин устаты. *Теримчи кыз Ак Зыйнат, Терүүгө пахта ашыгат* (Үмөталиев).

**ТЕРИН АЛУУ** Көбүнчө күлүк аттарды чабууга даярдоо максатында катуу жүрүп, аябай тердетүү. *Арпадан аса жем берип, Айда терин алчу экен* (фольк.). *Көп ыраак айдабайт го деп, кара терин гана алгамын* («Ала-Тоо»).

**ТЕРИП-ТЕПЧИП АЙТУУ** Болгон иштердин, окуялардын ж.б. бардыгын терип түгөл айтуу, бүтүндөй айтуу, калтырбай толук санап айтуу. *Атам Мыкты менен учурашып, аман-түгөлүн терип-тепчип айта баштады* (Касымбеков).

**ТЕРИСИ КАЛЫҢ** Анча-мынчаны оңой менен тоготпогон, көтөрүмдүү. *Сенин тилиң заар эмеспи. Бирок эсиңде болсун, менин терим калың* (Укаев).

**ТЕРИСИ ТАР ЖЕ ТЕРИСИ ЖУКА** Кырс, сөз көтөрүмү жок, кең пейил эмес, чырт этме кыялы бар, оор басырыктуу эмес. *Териси тар, мүнөзү чатак ургаачы болсо, бая эле кырс этип, кабагын салып калат эле* (Сыдыкбеков). *Териси тар киши экен. Териси тар немеге айта албадым* («Ала-Тоо»).

**ТЕРИСИ ТАРУУ** Тырчый түшүү, ачуусу келүү, уруша кетүү, жини келүү. *Анын кебин угуп, менин терим тарый түштү* («Чалкан»).

**ТЕРИСИН ТЕСКЕРИ СЫЙРУУ** Катуу кордук көрсөтүп жазалоо, сазайын колуна берүү, бирди көрсөтүү. *Эгер Кукем менен Токтор аке болбосо териңди тескери сыйрат элем, күчүк, – деп Алымкулга окурая карады* (Абдукаримов). **В.: Терисин сыйруу.** *Сениби, сенин териңди сыйырбасамбы? – деп, Айдараалы анын артынан колун булгалады* (Абдукаримов). **Терисин тетири сыйруу.** *Капаска салып тирүүлөй Терисин тетири сыйырса* (Осмонов). **Терисин тескери союу.** *Түш алдыма, териңди тескери сойбосом!*

**ТЕРИСИНЕ БАТПОО** Сүйүнүү, кубануу, көңүлү абдан куунак болуу. *Бала-чакамды көрүп, эл ичине келип териме батпай жүргөн кезим* («Ала-Тоо»). *Абылкасымдын терисине батпай жүргөн чагы* (Жантөшев). **В.: Терисине сыйбоо.** *Анын терисине сыйбай жүргөн чагы. Мамбеткул терисине сыйбай кубанычтуу* (Каимов).

**ТЕРИТ** Саман менен кебекти же күнжараны аралаштырып жасаган жем, тоют.

**ТЕРИЧИ** 1. Тери даярдоочу. 2. Иштети-

ле элек тери менен соода жүргүзүүчү соодагер.

**ТЕРИШ тер** этишинин кош мамилеси.

**ТЕРИШТИР** Бирөөнүн же бир нерсенин ал-жайын, жөнүн сурамжылап билүү, салыштырып ойлонуу. *Директор Турардын жөн-жайын териштирип сурады* (Каимов). *Дагы териштирип суроого мүмкүнчүлүк болбоду* (Жантөшев).

**ТЕРИШТИРҮҮ териштир** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРЛИК** *диал.* 1. **ичмек** менен бирдей. 2. Ичмектин үстүнө салынып, ээрдин алдына токулуучу аялдардын, кыздардын саймалуу токуму.

**ТЕРМЕ I** Дидактикалык, таалим-тарбиялык мааниде айтылуучу оозеки поэзиялык чыгарма. *Эл чогулса ырдаган Эшмамбеттин термеси* (Токтогул).

**ТЕРМЕ II** Өрмөкчүлүк өнөрүнүн көркөм түрү.

**ТЕРМЕЛ** Аркы-терки чайпала жүрүү, чайпала кыймылдоо. *Термелип ак толкундар бешигинде, Бой жазсам ээн-эркин болоор эле* (Сариева).

**ТЕРМЕЛЕ** 1. Эптеп терүү, терип жыйнап алуу. *Кемпир чынынын сыныгын жерден термелеп күбүрөп эшикти көздөй жөнөдү* (Сасыкбаев). *Чачылган жерден термелеп, Жармашып жүргөн дагы бар* («Манас»). 2. *өт.* Эбин таап, эптеп жан сактоо; эпчилдик менен иштөө, аракеттенүү. *Эр жигиттин белгиси, Эпчил болот термелеп* (Токтогул). *Отуруп таң атканча сөздүн гүлүн, Термелеп, сени туурап жазар белем* (Токомбаев).

**ТЕРМЕЛИШ термел** этишинин кош мамилеси. *Биз бийледик термелишип акырын, Көпчүлүктүн бири болуп көрүнүп* (Акматалиев).

**ТЕРМЕЛТ термел** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРМЕЛҮҮ термел** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРМЕТ** 1. Термелүү абалына келтирүү, термелтүү, чайпалтуу. *Алдей айтып ту-рарсың, Сен да уулуңду терметип* (Осмонов). *Жумшак гана жел согуп, Терметип турду* (Элебаев). *Замбирек, мина, пулемет Заңгырап жерди терметти* (Токомбаев). *2. өт.* Адамды толкундатуу, делебесин козгоо, көңүлдү көтөрүү. *Ыр терметип жаш жүрөктү, Чалдым күүнү мен дагы* (Бөкөнбаев).

**ТЕРМЕТИЛ термет** этишинин туюк мамилеси.

**ТЕРМЕТТИР термет** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕРМЕТҮҮ термет** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРМЕЧИ** Өрмөктү көркөм көчөттөрдү түшүргөн уз.

**ТЕРМЕЧИК** 1. Терип алынган чамынды, майда чырпык, куурай отун. *Балдар термечик терди.* 2. Терметүүгө ылайыкталып жасалган, бешиктин баш жагы менен аяк жагын туташтырып туруучу узата кеткен үстүңкү жыгачы, терметкичи.

**ТЕРМИН** Илимдин, техниканын, искусствонун же айрым бир кесипчиликтин тармагындагы белгилүү түшүнүктүн аты болуп эсептелген сөз же сөз айкалышы.

**ТЕРМИНАЛ** *инф.* Башкы компьютер менен байланыш түзүүнү, банктын төлөм тутумунун түйүнүнө билдирүүнүн жөнөтүлүшү жана андан келип түшкөн билдирүүнү кабыл алууну камсыз кылган аппараттык-программалык комплекс.

**ТЕРМИНАТОР** *астр.* Айдын. планеталардын же алардын жандоочуларынын бетиндеги жарык тийген жана жарык тийбеген бөлүктөрүнүн ортосундагы чек ара.

**ТЕРМИНОЛОГИЯ** Терминдердин жыйындысы, жалпы системасы. *Техникалык терминология. Коомдук илимдин терминологиясы.*

**ТЕРМИНОЛОГИЯЛЫК терминология** дегенге таандык.

**ТЕРМИТ I** Күйгөн кезде эң жогорку температура берүүчү кээ бир металлдардын алюминий менен кычкылдануусундагы порошок түрүндөгү аралашмасы (техникада бул металлдарды эритүү үчүн жана согуш иштеринде тутантуучу зат катарында пайдаланылат).

**ТЕРМИТ II** Ар кандай формадагы чоң уюктарда биргелешип, топ-топ болуп жашоочу ысык өлкөлөрдөгү жаргак канаттуу зыяндуу курт-кумурска, жыгачтын зыянкечи.

**ТЕРМОГРАФ** Температуранын өзгөрүшүн автоматтык түрдө жазып туруучу прибор, аспап.

**ТЕРМОДИНАМИКА** *физ.* Жылуулук кыймылынын мыйзам ченемдүүлүгүн жана анын телонун физикалык касиетине болгон таасирин үйрөтүүчү физиканын бир бөлүгү.

**ТЕРМОДИНАМИКАЛЫК термодинамика** дегенге таандык.

**ТЕРМОМЕТР** Температураны өлчөөчү прибор, аспап.

**ТЕРМОС** Ичине куюлган суюктуктун, заттын температурасын калыбындай сактап туруучу идиш. *Сергей үйүнөн ала келген термосундагы ысык чайдан стакандарга куюп, анын бирин Мусабекке сунду* (Абдумомунов).

**ТЕРМОСТАТ** Ар түрдүү нерселерди туруктуу температурада кармап туруу үчүн арналган тетик, аппарат.

**ТЕРМОСФЕРА** *астр.* Атмосферанын мезосферадан жогорку катмары.

**ТЕРМОТЕРАПИЯ** *мед.* Дарылоо максатында жылуулукту пайдалануу.

**ТЕРМОЯДРОЛУК** Өтө жогорку температурадагы ядролук реакцияга таандык болгон куралдар. *Термоядролук реакция.*

**ТЕРОФИТТЕР** Жылдын жагымсыз мезгилинде кышында, кургакчылык мезгилде өсүмдүктөрдүн урук түрүндө жашоо формасы.

**ТЕРРИТОРИЯ** Белгилүү чек, жер, мейкиндик, аймак. *Мамлекеттик территория. Институттун территориясы.*

**ТЕРРОР** Коркутуу, зордук-зомбулук көрсөтүү саясаты, ошондой эле душманды өлтүрүп жок кылууга чейин алып баруу.

**ТЕРРОРИЗМ** Саясий жана башка каршылаштарын коркутуу жана басым көрсөтүү максатында эч нерсе менен чектелбеген, согуштук аракеттер менен байланышпаган зордук-зомбулук системалык колдонуудан турат.

**ТЕРРОРИСТ** Террордук актыларга катышуучу же аны жактоочу, уюштуруучу.

**ТЕРРОРИСТТИК** Террор жүргүзүүгө байланышкан, террор саясатына байланыштуу.

**ТЕРРОРЧУ** **террорист** менен бирдей.

**ТЕРС** Тескери, тетири, адаттан тышкары. *Ал кезде сен да терс карап Сындырдың далай шагымды* (Бөкөнбаев). – *Ай, аксакал, адаттан терс бул кандай? Жигит атын койгун дешип каткырат* (Осмонов).

**ТЕРС АЯК** *же* **КЕР АЯК** Оң айтса, тескери алган, тил албай тетириленген, кежир. *Сенин терс аяк уулуң мени менен сүйлөшпөй койду* (Абдукаримов).

**ТЕРС КАЙЫК** Тердике сайманы өтө майда түшүрүү.

**ТЕРСИК** Кандайдыр бирдемеден сезгенип калуу натыйжасында кызарып чыккан жараат. *Эмчегимди терсик алар, Сайсөөгүмдү сыздатаар* (Токомбаев).

**ТЕРҮҮ** **тер** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕРЦЕТ** *адаб.* Үч саптан турган үчөө тең уйкашкан куплет.

**ТЕРЦИНА** *адаб.* Үчтүк, үч саптан туруп, сөзсүз түрдө өзгөчө уйкашты түзгөн ыр формасы. Уйкаштыгы ава всв сдс... түрүндө, б.а. биринчи сап менен үчүнчү сап уйкаштыкты түзөт, ортоңку сап эркин (уйкашсыз) калат.

**ТЕРЧИЛ** Көп тердөөчү, тердегич. *Шарип терчил неме кысымга киргенде аябай боргулдады* (Бейшеналиев).

**ТЕС** Жыгач усталардын боз үйдүн кереге-уугун ийе же түздөй турган куралы.

**ТЕС ТАЛАШУУ** Өз укугун алдырбоо, баш ийбөө, бирөөгө башкартып жибербөө, өз укугун коргоо.

**ТЕСКЕ** 1. Текшерүү, бир нерсенин аныктыгына жетүү. *Эмне дедиң деп сен мени тескейсиңби* («Аалам»). *Мунун тегин тескеп сурабайт* («Ала-Тоо»). 2. Жөнгө салуу, тартипке келтирүү, жолго коюу, башкаруу, уюштуруу. *Үйгө киргендердин бири бая жыйналышта журтту тескеп жүргөн жигит* (Элебаев).

**ТЕСКЕ САЛУУ** Тартипке чакыруу же бийлик аркылуу баш ийдирүү, жазалап коюу. *Тоодогу толгон урууларды башкарып, имерип, теске салып, бийлик жүргүзүп келген Казат болгон* (Осмоналиев). *Айыл аксакалдары кепке сындырып, бир чети ага өкүмдүк көрсөтүп, тентекти теске салып коюшмак* (Сыдыкбеков). *Өзүң Максатты теске салбасаң, биз кыйналып бүттүк* («Чалкан»).

**ТЕСКЕЙ** Күнгөйдүн карама-каршы жагы, көлөкө жак. *Тескейдин күнү баткан жок, Теңтуштан мага айткан жок* (Тоголок Молдо).

**ТЕСКЕРИ** 1. Тетири, терс, туура эмес, оң эмес. *Эшиги тескери жагынан чыгарылган там. Тескери жол.* 2. Карама-каршы мүнөздө болгон, оң жагына жатпаган, оң мүнөздө болбогон. *Иштин тескери жагы. Тескери тип.*

**ТЕСКЕРИ КАРОО** Жактырбоо, каалабоо, көргүсү келбөө, көңүлсүнбөө.

**ТЕСКЕРИЛЕН** Айткан сөзгө көнбөй, тил албай кежирленүү, иштин оң жагына баспоо.

**ТЕСКЕРИЛЕНТ** **тескерилен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕСКЕРИЛЕНҮҮ** **тескерилен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕСКЕРИЛЕТ** Тескери буруу, тескери жагына айландыруу.

**ТЕСКЕРИЛЕТҮҮ** **тескерилет** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕСКЕРИСИНЧЕ** Тетирисинче, мурдагыдан башкача, ага карама-каршы. *Кыял тескерисинче кетти* (Токомбаев). *Майда манаптар аны – Манастын акылман баатыры Кошой сыяктуу деп ардакташат. Карапайым көпчүлүк, анын тескерисинче «чуу куйрук Кошой» – деп аташты* (Токомбаев). *Муну менен биз кандайдыр бир ийгиликке жетише албайбыз, тескерисинче, көп нерсени уттурабыз.*

**ТЕСКЕТ** **теске** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕСКЕШ** **теске** этишинин кош мамилеси.

**ТЕСКӨӨ** **теске** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕСКӨӨЧҮ** 1. Текшерүүчү. 2. Тартипке салуучу. Жөнгө салып башкаруучу. *Тескөөчү келип тескеди, Тартипке салып жөндөдү* («Асаба»).

**ТЕСПЕ** *дин.* 1. Бирден сыдырып, окулган сүрөөлөрдү эсептеп туруу үчүн колдонулуучу жипке тизилген шуру. *Теспе тарт. Теспесин алып колуна, Тегеренип оңуна, Аракет кылып кеп айтат, Алдамчы сөзду көп айтат* (Тоголок Молдо).

**ТЕСТ** Сынакка катышуучулардын билим деңгээлин текшерүү үчүн конкреттүү психологиялык же социологиялык изилдөөлөрдө пайдалануучу кеңири таралган материал катарындагы суроолор тизмеги.

**ТЕСТЕ** 1. Орулган эгиндин бир нече тутамынан бир жерге тегизделип коюлган майда

чөп. *Орогумду тестенин үстүнө коё коюп атама карай чуркадым* («Аалам»). 2. Букет.

**ТЕСТЕЛЕ** Тесте-тесте кылып жыйноо, тесте кылуу.

**ТЕСТЕЛЕН** **тестеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЕСТЕЛӨӨ** **тестеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЕСТИЕР** Кол арага жараган жаш өспүрүм. *Он үч – он төрт чамасындагы үч тестиер бала келатышты* (Бейшеналиев). *Тестиер тарткан бала.*

**ТЕСТИРЛӨӨ** *пед.* Алдын-ала түзүлгөн тапшырмаларды колдонуу менен сыналуучунун өзгөчөлүгүн аныктоо.

**ТЕТЕ** Барабар, тендеш. *Мындай жерде ар бир өткөргөн минута жылга тете* («Ала-Тоо»). *Атаганат, бул Сыргак Манаска тете эр экен* («Манас»).

**ТЕТЕЛЕ** Теңөө, теңештирүү, бирдей кылуу, барабарлоо. *Нурбай өзүн Акынбайга тетелеп, Оюн дагы окшоштурду ошого* (Токомбаев).

**ТЕТЕЛЕШ** Тендеш, барабар, салыштыра караганда кимдир бирөөгө күчү, кайраты, баатырлыгы ж.б. жагынан тең чамалаш. *Манаска тетелеш балбан* («Манас»).

**ТЕТИГИ** Белгилүү аралыкта, алыстыкта тургандыкөрсөтүү үчүн колдонулуучу шилтеме ат атооч. *– Ой, тетиги ким?* (Байтемиров). *Жаагын баспай безилдеп ырдаган Темирдин үнү тетиги чоң арчанын түбү тараптан угулат* (Жантөшев).

**ТЕТИК I** 1. Машинанын же башка механизмдин бөлүгү. *Бир тетигин бураса: Жарк дей түшөт шаар бүтүн* (Үмөталиев). *Самолёттун миң тетигин биле алган, Учкуч болдум кесибин таап өнөрдүн* (Осмонкул). 2. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин ички сырын, ар түрдүү жагын, жөн-жайын билдирген түйүнү. *Миң тетигин турмуштун, Менин көзүм көрсө экен* (Нуркамал). *Турмуштун миң тетигин бирден бурап, жүзүндө күрөш оту балкып турат* (Турусбеков).

**ТЕТИК II** 1. Түшүнүктүү, жөн билги. *Апакем, менин апакем, Акылың тетик жан элең* (Акматалиев). 2. Көңүлү ачык, куунак, жайдары шайыр. *Тишим кетик болсо да, көөнүм тетик* (макал).

**ТЕТИКТҮҮ** Тетиги бар, тетиктери арбын, көп, тетиги татаал.

**ТЕТИНЕКИ** *диал.* Тетиги.

**ТЕТИР** *туурасы:* **тетири**.

**ТЕТИРИ** 1. Кадимки көндүм болуп калган көрүнүштө эмес, оң же туура абалда эмес, тескери. *Адал пейил ага-ини, Тетири айтып кеп кылба* (Казыбек). *Тетири кийсе көйнөгүн, каткырып күлөт балдары* (Шүкүрбеков). *Көрсө кемпир караңгыда келининин халатын тетири жамынып эшикке чыгыптыр* (Каимов). 2. Кыялы, мүнөзү, жүрүм-туруму терс, мүнөзү кырс, кежир.

**ТЕТИРИЛЕН** Терс кыял көрсөтүү, тил албоо, кежирленүү.

**ТЕТИРИЛИК** Тетири болгондук, тескерилик, жаман жүрүм-турум, туура эместик. *Иштеринин тетирилигин көрсөтүү.*

**ТЕТИРИСИНЧЕ** Тескерисинче. *Эми анын тетирисинче болуп турбайбы* (Байтемиров).

**ТЕТРАЛОГИЯ** *адаб.* Төрт жана сөз, баян, аңгеме деген маанини туюнткан сөздөрдүн айкашынан келип чыккан, автордон бир ниетке жана бири биринен оошкон сюжетке ээ, бирок ар кимиси өз алдынча бүткөн төрт чыгарма, чыгармалардын циклы.

**ТЕТРАЦИКЛИН** Дары түрү. Химиялык жол менен алынган, микробдорду жоготууга жөндөмдүү, кеңири таасир тийгизүүчү дармек.

**ТЕФТЕЛИ** Майда тууралган эттен (фарштан) тоголоктолуп жасалган тамак.

**ТЕХНИК** 1. Техникалык орто билимдүү адис. *Радио техник.* 2. Техника тармагында иштеген адам.

**ТЕХНИКА** 1. Коомдук өндүрүштө колдонулуучу куралдар менен эмгек каражаттарынын жыйындысы, ошондой эле адам баласынын аларды үйрөнүүгө, колдонууга жана жакшыртууга байланыштуу иштери. *Илим менен техниканын жаңы ийгиликтери.* 2. Кандайдыр бир ишке, иштеги устаттыкка байланыштуу адистик ыкма. *Шахмат оюнунун техникасы. Күрөштүн техникасы,* 3. Машина, техникалык курал, техникалык түзүлүш. *Айыл чарбачылыгында колдонулган техника.*

**ТЕХНИКАЛЫК** 1. **техникага** таандык. *Институттун материалдык-техникалык базасы. Техникалык жактан жогорулоо. Техникалык билим деңгээли* 2. Өндүрүш процессине ылайык машиналардын, механизмдердин ишине таандык, ошого байланыштуу. *Автомобилди техникалык жактан карап чыгуу. Станоктун техникалык мүмкүнчүлүгү. Техникалык талаптар. Техникалык документация.* ‖ Кандайдыр өндүрүш техникасын тейлөөгө байланыштуу. *Техникалык бөлүм. Өндүрүштөгү техникалык кеңешме.* 3. Өнөр жайларын иштетүүгө жана пайдаланууга тиешелүү болгон. *Пахта, кызылча, техникалык өсүмдүктөр, техникалык металлдар.* 4. Кандайдыр бир ишти аткаруудагы профессионалдык ыгына, жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу. *Техникалык ыкма.* 5. Кандайдыр бир иште түрдүү жардамчы, көмөкчү жумуштарды аткаруучу. *Техникалык менеджер. Техникалык кызматкерлер.*

**ТЕХНИКАЛЫК ӨСҮМДҮКТӨР** Өнөр жайларында пайдаланылуучу өсүмдүктөр (мис. пахта, кызылча ж.б. ).

**ТЕХНИКАЛЫК РЕДАКТОР** Басмадан басып чыгаруучу китептерди, газеталарды ж.б. полиграфиялык жагынан жөнгө салуу иштерин башкаруучу редактор.

**ТЕХНИКУМ** Техникалык же жалпы эле атайын орто билим берүүчү кесиптик окуу жайы. *Гидромелиоративдик техникум. Айыл чарба техникуму.*

**ТЕХНОКРАТИЯ** *саяс.* 1. Башкаруунун жогорку функционерлеринин катарына кирген техникалык адистердин катмары. 2. Коомдун башкаруу күчү техникалык интеллигенция болуу керек деген социалдык-экономикалык теория.

**ТЕХНОЛОГ** Өндүрүштүн белгилүү тармагынын технологиясы боюнча адис. *Инженер-технолог. Технолог-химик.*

**ТЕХНОЛОГИЯ** Белгилүү бир өндүрүш тармагында материалдарды, буюмдарды иштетүү жолдорунун жыйындысы, өндүрүштүн ушундай ыктары, методдору жөнүндөгү билимдердин жыйындысы. *Синтетикалык желимдин технологиясы. Кант өндүрүүнүн технологиясы.*

**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК** 1. **технология** дегенге таандык. *Технологиялык билим. Технологиялык даярдык.* 2. Материалдарды, буюмдарды так, туура белгиленген технология боюнча иштетүүгө таандык. *Технологиялык карта. Технологиялык инструкция.*

**ТЕХНОПАРК** Кандайдыр бир жаңы келечектүү технологияны иштеп чыгаруу тажрыйбасын жүргүзүү боюнча илимий изилдөө, илимий-өндүрүш комплекси.

**ТЕХНОПОЛИС** *экон.* Эң мыкты техникалык деңгээлдеги продукцияны иштеп чыгуу жана өндүрүшкө киргизүү боюнча региондук борборлордун жардамы менен инновациялык процесстин ыкчамдуу маселелерине багытталган эркин экономикалык тилке түрлөрүнүн бири.

**ТЕХСЕРВИС** Техникалык тейлөө.

**ТЕШ** 1. Учтуу нерсе менен көзөп, сайып, тешик чыгаруу, көзөнөк кылуу. *Кээ бирөөсү жүк жүктөп, Мурдун тешкен өгүзгө* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Жыртылуу, оюлуу, түшүп калуу. *Тентидик, кездик, Таманды тештик.*

**ТЕШЕ I** Формасы кетмен сыяктуу, бирок кичирээк келип, ашталып жасалган сабы бар, жыгач жаруу, чабуу ж.б. үчүн колдонулуучу миздүү курал, чоң керки. *Темир күрөк алып кел, Теше чотту алып кел, Жолойдун жаткан ордун каз* («Эл адабияты»). *Карып үйгө кирип айбалта менен тешени алып чыкты* (Абдукаримов).

**ТЕШЕ II** *эск.* Жер аянтынын 1,09 гектарга барабар келген чени. *Миңдеген теше жер кылымдан бери бош жатат* («Ала-Тоо»). *Герасим төрт теше жерин сатууга мажбур болду* (Сасыкбаев).

**ТЕШЕ ТИКТӨӨ ЖЕ ТЕШЕ КАРОО** Бирөөдөн же бир нерседен көзүн албай, тикирейе кароо, кадала тиктөө. – *Деп олуя жылмайып, Мени теше тиктеди* (Жантөшев). *Телмирип теше тиктеп, Үшкүрөт талган көзүн солгун ирмеп* (Абдыраманов). *Ары да өттүм, бери да өттүм – Теше тиктеп ийменбей* (Үмөталиев). *Ар кимисин бир теше тиктеп, бетинен түгүн чыгарып отурат* (Касымбеков).

**ТЕШИК** Тешилген, тешилип ачык болуп калган жер; көзөнөк; жыртык, оюк. *Чөнтөгүң тешиктир, ээ?* (Байтемиров). *Шыкаалап бирөө көрбөсүн, Бүтөтсүн дейт тешикти* («Мендирман»).

**ТЕШИЛ** **теш** этишинин туюк мамилеси. *Капар Айнаны күтө берип көзү тешилди* («Ала-Тоо»).

**ТЕШКЕН ТОО** Тоодогу туннель. *Биз аркырап тынбай катуу жүрөбүз, Эртең эрте тешкен тоодон өтөбүз* (Элебаев).

**ТЕШКИЧ** Жыгачты, темирди ж.б. көзөө, тешүү, үчүн колдонулуучу курал. *Устанын колунда кармаган тешкичи бар.*

**ТЕШТИР** **теш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЕШҮҮ** **теш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЁС** Сүрүп жылмаланган же арааланган жука тактай. *Чатыры тёс менен жабылган жыгач үй алыстан жалтырап, бакдарагы дүпүйөт* (Сыдыкбеков).

**ТИБИРТКЕ** Тилдин учуна бүдүрөйүп чыккан ысык. *Калп айтсаң тилиңе тибиртке чыгат дебедиң беле* (Бөкөнбаев).

**ТИГЕЛЬ** *геол.* Ысыктанга, отко чыдамдуу атайын идиш.

**ТИГИ** Жакын аралыктагыны, жердегини көрсөтүү үчүн колдонулуучу шилтеме ат атооч. *Мыскал тигилердин эч бирин тааный албады* (Сыдыкбеков). *Тиги отурган бала кимдики.*

**ТИГИ ДҮЙНӨ** Диний-мистикалык түшүнүк боюнча: адам өлгөндөн кийинки экинчи дүйнө, түбөлүк жайы.

**ТИГИЛ I** **тиги** менен бирдей.

**ТИГИЛ II** **тик** этишинин туюк мамилеси.

**ТИГИЛЕ КАРОО** Тикирейип, көзүн албай кароо. *Каныбек Алымга тигиле карады.* (Жантөшев).

**ТИГИЛҮҮ** Тигилген. *Дүкөндүн тигилүү кийимдер бөлүмү.*

**ТИГИНДЕЙ** Бир аз жакыныраак турган нерсени же жакын аралыкка карата шилтенгендикти билдирүү үчүн колдонулат. *Тигиндейден энтеңдей кобурап, Мустафа да жетип келди* (Сасыкбаев). *Жүр, тигиндей барып сүйлөшүп анан кайтышалы* («Ала-Тоо»).

**ТИГИШ I** Кездеменин же башка материалдын бириктирип тигилген жери. *Айымжан тигишин тиштеп кынаптап мээлей тигип олтурган* (Сыдыкбеков). *Тигишинен сөгүлүп кеткен таар бешмантын сыртынан бүрө курчанып алыптыр* (Убукеев).

**ТИГИШ II** **тик** этишинин кош мамилеси.

**ТИГҮҮ тик** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИГҮҮЧҮ** Тигүү жумушун аткаруучу адам, кийим тиккич. *Кийим тигүүчү.*

**ТИЕШЕ** 1. Бирөөгө тиешелүү үлүш, энчи. *Бул жерден алып барган акчаны жүгүртүп, көп пул кылды. Албетте мен да өз тиешемди алдым* («Ала-Тоо»). 2. Байланышы, тийиши, катышы барлык. *Силердин эмне тиешеңер бар менде?* (Сыдыкбеков). *Менин Шарапатка эч кандай тиешем жок деди Бекжан* (Абдукаримов).

**ТИЕШЕЛҮҮ** 1. Тийиштүү, тиешеси бар, таандык, менчиктүү, караштуу. *Бул жер Жерге-Тал айылына тиешелүү* («Асаба»). 2. Байланыштуу, катыштыгы бар. *Докладда азыркы саясатка тиешелүү көп маселелер козголду.*

**ТИЖАРАТ** Соода, соода ишин жүргүзүү. *«Бир чети зиярат, бир чети тижарат» деп, илгери жаш молдолор карыган сабатсыз абышкаларды Мекеге баштап барып, соода кылып, олжого карк болуп келчү* (Карасаев).

**ТИЗ** 1. Катарлаштырып, кырка-кырка кылып коюу, тизмектөө. *Каракыяк калың чыккан башатка, Желе тартып тизип кулун байлашкан* (Осмонкул). *Тамеки тиз. Оозундагы отуз тиш, Берметтен тизип таккандай* («Мендирман»). *Балдарды катарга тизип тургузуу.* 2. Тизмеге каттоо, ирети менен тизмелеп жазуу. *Мелдешке катышуучуларды тизмеге тизип жазуу.*

**ТИЗГИН** 1. Эки учу жүгөндүн төңөлдүрүгүнө байланып, минилген унаанын башын буруу, багыттоо же токтотуу үчүн колдонулуучу кайыш боо. *Колума оңдой кармап укурукту, Тизгинди жыя кармап, чукул жеттим* (Осмонкул). *Барпы, тизгинди жыя карма* (Байтемиров). 2. *өт.* Бийлик, башкаруу укугу. *Кеңештен Чубак калганы Алмамбет тизгин алганы* («Манас»). *Жок, жок, жок, жок! Тизгиниң тарт эми сен, Мезгил келди, бошот буту-колумду* (Байгазиев). 3. *өт.* Токуу station: станогунун (өрмөктүн) бир бөлүгү.

**ТИЗГИН КАКТЫРБАГАН** Жүрүшү ылдам, элпек (атка карата).

**ТИЗГИН ТАЛАШУУ** Биринчиликти, мыктылыкты талашуу, бирөөлөр менен тартышып, күч сынашуу, ат салышып көрүү, терешүү. *Койгулаша келгенде, Коңурдан тизгин талашкан* («Манас»).

**ТИЗГИН ЧОЁР** Башчы, бийлик кылуучу, билерман, мыкчыгер.

**ТИЗГИНДЕ** 1. Тизгинден алуу, тизгинден кармап токтотуу же жетелөө. *Мамбеткул жулкунганда кишилер анын атын тизгиндеп, токтотуп калышты* (Каимов). *Күмүш Кулжандын атын тизгиндеди* (Байтемиров). 2. *өт.* Тизгинин тартып коюу, жинин кагуу, токтотуу, жөнгө келтирүү. *Падышанын желдеттери тизгиндей да билиш керек, – деди* (Абдукаримов).

**ТИЗГИНДЕЛ тизгинде** этишинин туюк мамилеси.

**ТИЗГИНДЕТ тизгинде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЗГИНДӨӨ тизгинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЗГИНИ КОЛДОН ТҮШҮҮ** Бийликтен ажыроо, кадыр-баркы, даражасы төмөндөө. *Заманы кыйчалыштап, тизгини колдон түшүп, шайы кеткенин өзү да сезди* (Каимов).

**ТИЗГИНИН КЫРКУУ ЖЕ ТИЗГИНИН КЫЮУ** 1. Жазасын берүү, жазалоо, окутуп коюу. Тим жүрбөгөн Тайлактын Тизгинин барып кыялы («Ала-Тоо»). 2. Күчүнөн, өз алдынчалыгынан ажыратуу, аргасыз абалга келтирүү. 3. Касташа баштоо, араздашуу, душман боло баштоо.

**ТИЗГИНИН ТАРТУУ** Белгилүү бир нормадан, чектен тышкары чыгып бараткандарды тартипке чакырып коюу, оздуктоо, кагып түзөтүп коюу, чектен ашып кетпөө. – *Андай ээн баштардын тизгинин тартып койгону жакшы эмеспи?* (Жантөшев). *Ой селсаяк, сен тизгиниңди тартып жүр* (Байтемиров). *Ошентсе да теңдик алдык деп ээликкендердин тизгинин тарта жүр, Качыке жан?* (Сыдыкбеков). *Анчейин жүргөн болсо, мен деле тизгинин тартып коёр элем* (Айтматов). *Ээнбаштын тизгинин тартып койгону жакшы болду* (Жантөшев). **В.: Тизгинин кагып коюу.** *«Жылкыңа ченеп ышкыр, мурдуңа ченеп бышкыр», – деп, тизгинин кагып койбосо, кесирлери башынан ашып баратат* («Чалкан»).

**ТИЗГИЧ** Боз үйдүн ууктарын өз ара тизип байлоого колдонулуучу түр салып согулган ичке тасма. *Тегирич, жабык баш, тизгичтердин түрдүү оймо кыялдарын сүрөттөп болбойт* (Токомбаев).

**ТИЗДЕ** Чөгөрүлгөн төөнү туруп басып кетпесин үчүн мойногунан ашырып, аркан менен алдыңкы эки бутун бекитип байлоо. *Тигил тиздеген нардай катар чөккөн эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө* (Сыдыкбеков).

**ТИЗДЕТ тизде** этишинин аркылуу мамилеси. *Келин кызды чогултуп, Тиздетпедим ботойду* (Тоголок Молдо).

**ТИЗДИР тиз** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЗЕ** Шыйракты сан жилик менен бириктирип турган муун, анын үстүндөгү томук сөөк. *Ачкыл Токтогулдун тизесине жаба төгүлдү* (Токомбаев). *Эңкейишке жүгүрүп, Эки тизем ооруттум* (Осмонкул).

**ТИЗЕ БҮГҮҮ** Багынуу, баш ийүү. *Айлам канча! Бөрү сенин заманың багымды байлап, курч чалгынымды ушалап, мен сенин алдыңа тизе бүгүп калдым. Кантейин, манап!* (Сыдыкбеков). *Асантай менен Барманга чылбыр тартышты, тизе бүгүп баштарын ийишти, кулдук урушту* (Сыдыкбеков).

**ТИЗЕ ЖЫЛЫТУУ** Төшөк жаңыртуу. Жаш аял алуу.

**ТИЗЕ КАГЫШТЫРА** Чукул, жанаша. *Тизе кагыштыра отуралы, жылыша түшсөң боло* («Чалкан»). *Акия Чаргынга тизе кагыштыра катар бастырды* (Сыдыкбеков).

**ТИЗЕЛЕ** Бутту тизеден бүгүп, тизеси менен басуу, ныгыруу. *Жиберип жигит айдатып, Тизелетип койгон – дейт* (Калмырза). *Кандайдыр бир чоочун киши тизелеп, бактардын түбүн чукулап отурат* (Баялинов). *Кайыр тизелей түшүп кырынан кетти* (Токомбаев).

**ТИЗЕЛЕТ тизеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЗЕЛӨӨ тизеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЗИЛ тиз** этишинин туюк мамилеси.

**ТИЗИМ тизмек** менен бирдей.

**ТИЗИШ тиз** этишинин кош мамилеси.

**ТИЗМЕ** Айрым маалыматтарды, фактыларды, нерселерди же адамдардын фамилияларын, аты-жөнүн ж.б. ирети менен кагазга тизмелеген каттоо, жазуу, ушундай мүнөздө даярдалган документ. *Эгер Суусамырга кыштоочуларды каттасаңар, мени тизменин башына жазгыла* (Байтемиров). *Илимий эмгектердин тизмеси. Шайлоочулардын тизмеси.*

**ТИЗМЕГЕ ЧАКЫРУУ** Тизмеге катталган адамдардын аты-жөнүн үн чыгарып айтып чыгуу.

**ТИЗМЕК** Тизилген, тизмектелген катар сан. *Сүйлөм тизмеги. Сөз тизмеги. Тизмеги менен ырларды, Айткан сонун турбайбы* (Барпы). *Тамекинин тизмеги.*

**ТИЗМЕКТЕ** Тизмекке салуу, тизүү, тизмеги менен айтуу. *Даша кендеги кемчиликтердин бардыгын баштан аяк тизмектеди* (Сасыкбаев). *Ондогон акындарды тизмектеп айтып өтөт* («Кыргыздын эл акындары»).

**ТИЗМЕКТЕЛ тизмекте** этишинин туюк мамилеси.

**ТИЗМЕКТЕТ тизмекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЗМЕКТӨӨ тизмекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЗМЕЛЕ** Тизмеге тизүү, тизмеге түшүрүү. *Башкармага кире турган кишилерди эң мурун тизмелеп, ким экендигин, кайдан жана кандай жумуш менен келгендигин жазып алам* (Каимов). *Керектүү фактыларды ирети менен тизмелеп, кагазга түшүрүп чыгуу керек.*

**ТИЗМЕЛЕН тизмеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ТИЗМЕЛЕТ тизмеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЗМЕЛӨӨ тизмеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЗҮҮ тиз** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЙ** 1. Урунуу, урулуу, кагылуу. *Таш тийди. Таяк тийди. Мөндүр тийди. Найза тийди.* 2. Тийгизүү, козгоо. *Ойгонуп кетпесин деп, балага тийгенибиз жок* («Ала-Тоо»). *Тийип койсо эле төгүлүп калчудай толтура куюлуптур* («Ала-Тоо»). *Таягың менен тийип койсоң эле жыгылып кетчүдөй болуп араң турат* («Ала-Тоо»). 3. Катылуу, тийишүү. *Балдарга тийбей жүр дебедим беле* («Ала-Тоо»), *Алың жетпесе тийбей эле койбойсуңбу?* 4. Жетүү, карамагына өтүү, колуна берилүү, тиешелүү болуу. *Укук тийди. Кезек тийди. Эмгек акысына көп акча тийди. Газета өз убагында тиет. Досум, жазган катың көп кечигип тийди* (Осмоналинев). 5. Күйөөгө чыгуу, бирөөгө жар болуу. *Башкага тийип кетиптир, Башында сүйүп алганым* (Токтогул). *Эрге тий. Күйөөгө тий.* 6. Кол салуу, тиш салуу, качырып кирүү. *Жоо тийди. Түн жарымы болгондо кой короого карышкыр тийди* (Борбугулов). *Көлдө жаткан көп өрдөк, Ылачын тийсе бөлүнбөйт* (Тоголок Молдо). *Сени торпок деген балдарга кыргыйдай тий* (Сыдыкбеков). 7. Күчкө салып бөлүп кетүү, айдап алып кетүү. *Жетимиштен ашуун жылкы тийип келди* (Осмоналиев). 8. Чагуу, чагып алуу. *Сайгак тийди. Кара курт тийди.* 9. Ооруга чалдыгуу, ооруп калуу. *Оору тийди. Сасык тумоо тийди.* 10. Учуроо, жолугуу. *Жолдо баратып таякемдикине тие кетели* («Ала-Тоо»). 11. Козутуу, козгоо, кыжыры, ачуусу, жини келүүгө себеп болуу. *Тийдиң ээ, Чүрөк, жиниме* («Семетей»). *Ачуусуна тийбе. Нервине тийбе.* 12. Кабылтуу, пайдасын, зыянын, кесепетин ж.б. тийгизүү, ушундай шартка учуратуу. *Башынан дыйкан ийгеним, Пайдасы журтка тийгеним* (Тоголок Молдо). *Каарына алса кокустан, Тийбесин бизге залалы* («Мендирман»). *Балким, керегим тиер* (Сыдыкбеков). 13. Жарык түшүү, айдын, күндүн нуру чачыроо, төгүлүү. *Ай тийди. Күн тийди. Жарык тийди.* 14. Жалап же башын салып кетүү (иттин, мышыктын сүткө же башка тамак-ашка тийип кетиши жөнүндө). 15. Жадатуу, эстен кеткис, унутулгус абалга келтирүү, кыйноо. *Жокчулук жүрөккө тийген азаптуу күндөн кутулдук. Көкөйгө тийди. Жанга тийди.* 16. Урушуу, тилдөө. *Менин дагы тим жүрбөй, Абылга тилим тийди эле!* («Мендирман»).

**ТИЙГИЗ тий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЙИНДИ** *мат.* Белгилүү бир санды экинчи бир санга бөлгөндө чыккан жыйынтык, бөлүк.

**ТИЙИП-КАЧЫП ИШТӨӨ** Такай иштебей ара-чолодо же анча-мынча иштөө, эптепсептеп жүр-нарыга салып иштөө; иштээриштемексен болуу. *Ал тийип-качып Бердибайдын кызматын иштейт* («Ала-Тоо»). *Тийип-качып иштеген болуп жүрөт* («Чалкан»).

**ТИЙИШ I** Божомолдоо же аткарууга, иштөөгө милдеттүү болгон абалды билгизүү үчүн колдонулат. *Дал ушул үй болууга тийиш. Мугалим көптү билүүгө тийиш* («Аалам»).

**ТИЙИШ II** 1. Бири-бирине тийүү, тийген, жанашкан абалда болуу. *Отургучтар бири-бирине тийишип турат.* 2. *өт.* Бирөөгөө кычаштык сөз айтуу, тийиштик кылуу, сөзгө чакырып, таанышууга, жакындашууга аракет кылуу. *Катарындагы жигиттерге тийишкенин койбойт* (Сыдыкбеков). *Тийиштим кымтый качып кол жоолугун, Ашыктым сөз айтууга элден мурун* (Үмөталиев).

**ТИЙИШТИК КЫЛУУ** Кычаштык кылуу, эптеп бир чатак, сөз чыгарууга аракеттенип тийишүү, таанышууга, жакындашууга аракет кылуу. *Кычан алдын ала озунуп тийиштик кылды* (Бейшеналиев). *Тийиштик кылып сөзүмө, Томаяк деп сындадың* (Токтогул).

**ТИЙИШТИР тийиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЙИШТҮҮ** 1. Таандык, ылайыкталган, тиешелүү. *Бул бизге тийиштүү жай го* (Сыдыкбеков). 2. Ылайыктуу, тиешелүү. *Сессия талкууланган маселе боюнча бир добуштан тийиштүү чечим кабыл алды* («Кыргыз Туусу»).

**ТИЙИШҮҮ тийиш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЙҮҮ тий** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИК I** Кендирден же пахтадан согулган тыгыз кездеме. *Тик тышталган матрас.*

**ТИК II** Кыйшайбаган, тике, түз турган абал, жантайбаган, кыйшайбаган, түз абал. *Отурбай тик туруу. Тик тура калуу. Зоодон тик секирген. Так ылдый. Тик өйдө.*

**ТИК III** 1. Кийим же башка нерселерди даярдоо үчүн кездемеге же башка материалдарга тигиш түшүрүү, кийимди же башка нерселерди тигилген, даярдалган абалга жеткирүү. *Миргүл жетекчилик кылган топ балдардын көйнөгүн тигет* («Ала-Тоо»). *Өтүк тик. Баштык тик.* 2. Боз үйдү, чатырды көтөрүү, орнотуу, куруу. *Жайкы күн... эрке Ысык-Көл толкуп жатыр, Боюна пионерлер тиккен чатыр* (Маликов). *Тигип отурган боз үйүңүздүн өндүрүш комбинатынан сатып алгандагы баасы канча?* («Чалкан»). 3. Көчөт отургузуу, уругун, тукумун жерге көмүү (мис. картошканын, ашкабактын, дарбыздын). *Өзөндөп тиккен дарактар, Баары тегиз бүр байлап* (Турусбеков). *Дарбыз тиккен талаа.*

**ТИК БАГУУ** Тайманбастан түз кароо, жалтанбастан тике кароо. *Тик багып найза саярда, Жумба, балдар, көзүңдү!* (Жантөшев). *Тик багып келген душмандар, Калганы жок жеңилбей* (Барпы). *Анда өмүр бою сага тик бага албай өтөрмүн* (Бейшеналиев).

**ТИК БАГЫП КАРАГЫС** Өтө коркунучтуу, шумдуктуу, түрү суук. *Киши тик багып карагыс сүрөттөр көзүнө элестейт* (Жантөшев). *Оросулду заардуу, канкор бай көк чанач кылып жанчтырган. Киши тик багып карагыс* (Бейшеналиев).

**ТИК ЖАКА** Моюнга ороло топчулануучу бийик жака. *Сабырга тик жака кители кынап койгондой жарашыктуу* (Сасыкбаев).

**ТИК КӨЗ** Тикирейип эч кимден тартынбаган, уялбаган, тайманбаган. *Келин күргүр тастаңдап, улуудан уялбаган, кичүүдөн ийменбеген тик көз чыкпадыбы* (Касымбеков).

**ТИК САЛУУ** Бир нерсени көздөй түз бет алуу, жүрүү, жөнөө. *Сары жондон түлкү көрдү, тик салды, Шашпай туруп оң колуна бирди алды* (Осмонов).

**ТИК ТУРМА** Демейдегиден коюу, былтыйган (кашык салса тик туруп калгандай). *Мунуң суюк кесме эмей эле, тик турма болуп калыптыр го?* («Асаба»).

**ТИКЕ** 1. Тигинен, тик, түз, таамай. *Тикесинен тургузуу. Тике айтуу.* 2. Отурбастан аягы менен тик турган, жантайып, кыйшайып же бузулуп урап карбастан, тик турган абалын сактаган абал. *Бир үй жок тике турган, бузулбаган* (Үмөталиев). 3. Түздөн-түз багытталган, тикеден-тике багыт алган абал. *Ал энесин тике кароого даабай, мукактана сүйлөдү* («Ала-Тоо»).

**ТИКЕ КАРОО** Жалтанбай, тайсалдабай түз кароо, коркпоо. *Динар чоң энеге тике карады* (Сыдыкбеков). *Кызыл аскерлердин сүрүнө тике карай алышпай, басмачылар калтырап жер караштьы* (Жантөшев).

**ТИКЕ СӨЗ** *грамм.* Кандай айтылса, өзгөртүлбөстөн дал ошондой алынган бөтөн сөз.

**ТИКЕ ТОЛУКТООЧ** *грамм.* Табыш жөндөмөдө туруп, этиштен болгон баяндоочту тике толуктап турган айкындооч мүчө.

**ТИКЕДЕН-ТИКЕ** Түздөн-түз, тупадан-туура. *Тикеден-тике байланышта болуу. Тикеден-тике өзүнө баруу.*

**ТИКЕЛЕЙ** Тикеден-тике, түздөн-түз, тупадан туура. *Тикелей тиешеси бар.*

**ТИКЕЛЕН** Тик турган, сербейген, бириндеген абалда болуу. *Суюк мурутту арпанын кылканындай тикеленди* (Жантөшев). *Салтанаттын кирпиктери тикелене түштү* (Мавлянов).

**ТИКЕН** 1. Айрым өсүмдүктөрдүн учтуу, денеге сайылып калма тикенеги жана ушундай тикенектүү өсүмдүк. *Шорголоп кызыл шүйшүн бутум тилик! Балтайып ириңдеген тикен кирип* (Бөкөнбаев). *Кош кайың бактын ортосун жарып, Көк тикен өстү жашарбай карып* (Осмонов). *Гүлдү сүйсөң, тикенине кабыласың* (макал). 2. Ушундай тикендүү өсүмдүктөрдү жалпысынан айтууда колдонулат. *Ал талаага тикен, камгак, кара куурайдан башка чөп чыкчу эмес* (Убукеев). *Жылгын, тикен, чытырман Тегерете чөп экен* (Осмонкул). *Тилиме*

*кирет дебестен, Тикенди көрсөт тиктеген* (Калык). 3. Тикенектүү, тикендүү өсүмдүктөрдүн аттарын билдирүүдө анын курамдык бир бөлүгү катарында колдонулат. *Көк тикен. Коко тикен. Төө тикен. Башка өсүмдүктөрдөн ак тикен бар* (Сыдыкбеков). *Түптүү чыккан сүт тикендер жармаша калышат* (Сыдыкбеков).

**ТИКЕНДҮҮ** Тикени бар, тикени көп. *Үйлар калың өскөн тикендүү чогойно, куурайларды аралашты* (Бейшеналиев).

**ТИКЕНЕК тикен** менен бирдей.

**ТИКЕНЕКТЕН** Тикенек сыяктанып сербейген, тикенек сыяктуу бириндеп сайылган көрүнүштө болуу. *Тикенектенип өскөн сакал-мурут.*

**ТИКЕНЕКТҮҮ тикендүү** менен бирдей. *Колу-бутум тытылат, Тикенектүү куурайга* (Осмонкул).

**ТИКЕСИ МЕНЕН ТИК САЙЫЛУУ** Абдан чарчап келип сүй жыгылуу. *Кечке жаны тынбай чапкылап жүрүп, кечинде тикеси менен тик сайылат.*

**ТИКЕСИНЕН ТИК ТУРУУ** Жан дили менен кызмат кылуу, аянбоо, тынымсыз иштөө. *Бүткүл колпоч уругу Тыныбек үчүн тикесинен тик туруп, адал кызмат кылууда* (Каимов). *Токтонаалыга баары жакын болду, баары тикесинен тик турду* (Садыбакасов). *Жумуриятыбыздын жана элибиздин кызыкчылыгы үчүн тикесинен тик турсак деп ишенгенибизди билдирип кетебиз* («КыргызТуусу»).

**ТИКИЙ I** Тигилип, көз айырбоо, көз ирмебей кароо, тикирейип кадала кароо. *Азамат Акактын көзүнө тикие карады. Болбосо, тикийип карап турган киши дардайып кирген ууруну кантип көрбөй калсын* (Байтемиров).

**ТИКИЙ II** Тик турган абалда болуу, тикчийүү. *Ийнедей тикийип турган сары тикендер чалкасынан салганда Гүлбүбүнүн аркасын шиледи* (Сыдыкбеков).

**ТИКИЙТ тикий** этишинин аркылуу мамилеси. *Кулактарын тикийткен аргымактар.*

**ТИКИЙҮҮ тикий** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКИЛДЕ** Шамдагай, чыйрак, тың аракеттенүү, тыкылдап так сүйлөө. – *Ооба, тикилдеп муну көр!* (Бейшеналиев).

**ТИКИЛДЕТ тикилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКИЛДӨӨ тикилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКИРЕЙ** Көз ирмебей кадала кароо, тикийүү. *Динар китептин бетине тикирейип карап калды* (Сыдыкбеков).

**ТИКИРЕЙТ тикирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКИРЕЙҮҮ тикирей** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКИРЕНДЕ** Көзүн тикирейтип ызырынуу, ачуулануу.

**ТИКМЕК** *диал.* Шырдак.

**ТИКМЕЧИ** Кийим тигүүчү. *Мен чоңойгондо бычмачы болом, тикмечи болом* («Кут билим»). *Энеси тикмечиге кетмек болгондо Гүлнар энесинин мойнуна асыла кеткен* (Сыдыкбеков).

**ТИКПЕ** *диал.* Тепке.

**ТИКТЕ** 1. Бирөөнү же бир нерсени кадала кароо, көз ирмебей карап калуу. *Мамбеткулду жаңы көргөнсүшүп, жабыла тиктеп калышты* (Каимов). *Татыбек көзүн алайта тиктеп койду* (Байтемиров). *Олтурам ойлуу тиктеп, о апаке! Качанкы эскирген бир сүрөтүңдү* (Байгазиев). 2. Кандайдыр бир нерседен үмүт кылып күтө кароо, абдан каалап тилек кылуу, тилөө. *Тилегиңди бериптир, Тиктегениң келиптир* («Манас»). *Тиктегеним келди деп, Тилекти кудай берди деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ТИКТЕТ тикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКТЕШ тикте** этишинин кош мамилеси. *Тиктешип туруп калдык маңдайтескей* (Абдыраманов).

**ТИКТЕШТИР тиктеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКТЕШҮҮ тиктеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКТИР тик** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКТӨӨ тикте** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКЧИГИЙ** Тикчийген, тикчийип турган.

**ТИКЧИЙ** Тик туруу, жапырылбай тигинен туруу. *Эки кулагы тең тикчийген чоң көк дөбөт* (Сыдыкбеков). *Кара кер бышты-нын камыш кулагы тикчийип, көзү балбылдап кеткен* (Сасыкбаев).

**ТИКЧИЙТ тикчий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКЧИЙҮҮ тикчий** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИКЧИҢДЕ** 1. Көзүн чекчейтип тыкчынтыкчың этүү, тикилдөө. *Кемпирдин баары бүкчүңдөп, Келиндин баары тикчиңдеп* («Эр Табылды»). 2. Тикчийген абалда кыймылдап туруу.

**ТИКЧИҢДЕТ тикчиңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИКЧИҢДӨӨ тикчиңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛ I** 1. Омурткалуу айбандардын жана адамдардын оозунун ичиндеги тамакты чайнап жутууга жардам берүүчү, анын даамын аныктоочу, ал эми адамдарда, андан тышкары, табыш чыгарууга катышуучу орган. *Жылдызкандын эриндери кеберсип, тили оозуна батпай суусап жатат* (Байтемиров).

*Тишиң түшүп, тил калган, Эби келбейт сүйлөөгө* (Токтогул). 2. Сүйлөөгө, өзүнүн оюн айтып түшүндүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк. *Оолуктуруп адамды, Чечен кылган тил болот* (Тоголок Молдо). *Тил арстан босогоңдо комдонгон, Байкабасаң өзүңдү да жеп койгон* (Баласагын). 3. Коомдо байланыш-катыш жасоонун, пикир алышуунун куралы болгон тыбыштык жана лексико-грамматикалык каражаттардын системасы. *Кыргыз тили. Орус тили. Өлүү тилдер.* 4. Жазуучунун, ар кандай чыгарманын, илимий эмгектердин, публицистиканын ж.б. түрлүүчө белгилер менен мүнөздөлүүчү, өз ара айырмалануучу стили, кеби. *Газетанын тили. Адабий чыгарманын тили. Поэзиянын тили. Оозеки тил. Адабий тил.* 5. *сог.* Керектүү маалымат алууга мүмкүн болгон туткун. *«Тилди» алып келген Жапар болду* (Баялинов). *Арасын тосуп алалы, чором, Тилди кармап алалы, чором!* («Манас»). 6. Сөгүү, сөгүп тилдеп айтылган сөз. *Тил угуп калдык. Бекер тил укпайлы.* 7. Ургулаганда, тартканда же какканда дабыш, үн чыгаруучу коңгуроонун, темир комуздун ж.б. ортосундагы аракетке келип туруучу металлдан жасалган бөлүгү, тилке сыяктанып чыгып турган тетиги. *Коңгуроонун тили. Комуздун тили.* 8. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө кабарлаган билдирүү, жаңылык же башка нерселер жөнүндө алдын ала айтылган, маалымдалган кабар. *Башчысы кайда, кайда деп, Кайнатам Карача хандан тил келет* («Саринжи Бөкөй»). *Тандап элчи жиберип, Тил алмак болду тоюнда* («Эл адабияты»). *Бир сагызган көңкананын үстүнө коно калып шакылыктады эле: – И, бу эмне деп жатат? – деди Татыбек. – Тил келээр да* (Байтемиров). 9. Кимдир бирөөнүн акылын ой-пикирин билдирген сөз, бирөө тарабынан айтылган акыл ой, кеңеш. *Бул бир селсаяктын тилин ээрчигениңер эмне?* (Турусбеков). *Үйүнө барып сүйлөшүп Тилге мыктап канайын* («Эр Табылды»). 10. *эск.* Кандайдыр бир буюмга, мекемеге ж.б. таандык болуп, анын көз карашын, ишмердүүлүгүн баяндап, чагылдырып туруучу басма сөз органы. *«Эркин Тоо» кыргыз кедей кембагалдарынын тили болгон.*

**ТИЛ II** 1. Узун, кууш тилке кылып кесүү, тилик кылуу, тилик кылып кесүү. *Тактай тил. Көк тил. Кайыш тил. Терең салып, тилип жерди тасмадай, Тегиз сээп, бермет данын жайнаткан* (Осмонкул). *Апийим тил.* 2. Тилке түшүрүп жер айдоо (мис. соко менен) *Тракторум күчкө кел, Дыңды бузуп тиле бер!* (Турусбеков).

**ТИЛ АЗАР** Тил албаган, айтканга көнбөгөн, адамды жадаткан кежир, кыйык. *Кишинин тил азары экен.*

**ТИЛ АЛГЫЧ** Айткан тилди алып, жумшаган жакка кете берме, тил алчаак, элпек. *Илбериңки тил алгыч, Иниң элем, Токтогул.*

**ТИЛ АЛДЫНА КАТУУ** Сары майдай сактоо, бек катуу, жашырын бекем катып жүрүү. *Падыша үчүн жыйнадык, Кап менен жип арканды, Аз күндө дагы беребиз, Тил алдына катканды* (Жантөшев). *Тил алдына катып жүргөн акыркы акчасын да алдап алды* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ АЛУУ ЖЕ ТИЛГЕ КӨНҮҮ** Айтылган сөздү, акыл-кеңешти угуу, аны менен макул болуу, айтканга көнүү, сөзүн жерге таштабоо. *Көпкөлөң тилин биз алып, Өлгөнү келген экенбиз* («Манас»). *Оң бас десе тил албай, Тескери кетет уялбай* (Тоголок Молдо). *Тил ал балам деди. Тил алуу керек деп эскерттим. Энемдин тилин албадым* (Токтогул).

**ТИЛ БАЙЛАНУУ** Өлүм алдында сүйлөбөй калуу, тилден калуу.

**ТИЛ БИЛГИ** Тез түшүнүүчү, зээндүү, жөнжайды тез эле түшүнө коюучу жөн билги. *Тил билги адам. Ушунча адамдын ичинен кантип бир тил билгиси чыкпасын, сүйлөшүп көрөлү* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ БҮТҮҮ** *к.* **тили чыгуу.**

**ТИЛ ЖЕТПӨӨ** Кандайдыр бир нерсени сүрөттөөгө же ички сезимди билдирүүгө карата: аны сөз менен айтып түшүндүрө албайм, сөз менен жеткирүүгө чамам келбейт деген мааниде колдонулат. *Айтууга сымбатыңды тилим жетпейт* (фольк.). *Менин ошол күнкү кубанычымды, ошондогу толкунданып эргигенимди айтпа! Андагы менин абалымды сага айтууга тилим жетпейт* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ КАЙРУУ** Каяша айтуу, кайрылып кеп айтуу, айтыша кетүү. *Батыйна тил кайрып, каяша айтууга эрки жок туруп берет* (Сыдыкбеков).

**ТИЛ КАТ** Бирөөдөн бир нерсе алгандыгын же өзүнүн ордуна башка бирөөнүн тиешелүү нерсени алуусуна макулдугун ырастоочу документ. *Карыз алганың үчүн бу тил катка бармагыңды басып койчу* (Абдукаримов). *Мобу, тил катка кол коюңуз* (Осмоналиев).

**ТИЛ КЫСКА** 1. Бир нерсени айтууга, сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү, укугу жок, акылуу эмес абалда болуу. *Полицей мени урат, Тилим кыска айтарга* (Токтогул). *Башкармага айтууга тил кыска деп ийменип кайта кирди* («Ала-Тоо»). 2. Оюндагысын, айтайын дегенин толук, ачык жеткире албоо (көбүнчө башка бир тилден экинчи тилге карата). *Тил кыска, эгер орус тилин жакшы билсем айтып чыгат элем* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ-ООЗУНАН АЖЫРОО** Сүйлөй албай калуу, үн ката албоо. *Көпчүлүк туш-туштан чыкканда, Бабыр тил-ооздон ажырап калды* (Убукеев).

**ТИЛ-ООЗУ ЖОК ЖАТЫП КАЛУУ** Эч сүйлөбөй, эс-учун билбей сулк жатуу. *Эсинен танып, тил-оозу жок жатып калды* («Чалкан»).

**ТИЛ СЫНДЫРМАК** *диал.* 1. Тез сүйлөө 2. Жаңылмач.

**ТИЛ ТАБЫШУУ** Бирин бири түшүнүшүп, тез эле таанышып, жакын мамиледе болуп кетүү. *Буюрса, ал экөөбүз тил табыштык өңдөнөт* («Ала-Тоо»). *Тоголок Молдом отур. Букарбай тилмечим экөө шаар аралаган эмелер тил табышкан имишсиңер* (Бейшеналиев).

**ТИЛ ТИЙГИЗҮҮ** Көбүнчө улгайып калган же улуу адамдарга каяша кылып, тил кайрып, орунсуз, начар сөз айтып көңүлүн калтырып коюу. *Аттиң, атамдай болгон кишиге тил тийгиздим* («Ала-Тоо»). *Орозкул аба болсо, өзү күйөө бала экенине карабайт, картаң кайнатасын жекирип, тил тийгизет* (Айтматов). *Оозу жаман катын энесине тил тийгиздиби деп коркот* (Укаев).

**ТИЛ ТИЙҮҮ** Бирөөнүн сугу өтүп, көзүгүп калуу. *Бечарага тил тийди окшойт, жыл айланбай ушинтип калды* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ УГУУ** Жемеге калуу. *Кээде сен үчүн мен да тил угам* (Шүкүрбеков).

**ТИЛ УЧУНАН** Ойлонбой, алды-артын байкабай, терең ой жүгүртпөй. *Тил учунан айта салуудан оңой не бар* («Ала-Тоо»).

**ТИЛ УЧУНДА** Айтайын дегенин айтпай калуу, токтотуп коюу. *Ал тамашасын тилинин учунда токтотту* (Сыдыкбеков).

**ТИЛ ЭМИЗҮҮ** Натыйжасыз, курулай убада бере берип ишти узартуу, алдоо, куру бекер үмүткөр кылып, көпкө создуктура берүү. *Жаңыдан курулуп жатат, – деп тил эмизип келе жатканына үч жылдан төрт жылга аяк басты* («Чалкан»). *Барамын деп Өскөнбай тил эмизип койгон го, келем десе, келип калат эле* (Турусбеков).

**ТИЛАБАТ** *дин.* Кырааты менен куран окугандык. *Молдолорго куран тилабат кылдырды.*

**ТИЛГЕ КЕЛҮҮ** 1. Бир нерсеге макул болуу, көнүү. *Тилге келсе Канчоро, Абаке кылып алууга, Күлчоро кепти салды эми* («Сейтек»). *Асан оңой эле тилге келди.* 2. Сүйлөөгө, бирдеме айтууга жароо (тилден калган, бирок кайра оңолуп, сүйлөй баштаган кишиге карата). *Сатылган алтынчы күндө араң тилге келди* (Токтогул).

**ТИЛГЕ КИРҮҮ** 1. Азгырылуу, бирөөнүн сөзүн сүйлөө, бурулуп кетүү. *Анын тилине кирип ээрчип кетти* («Ала-Тоо»). *Мобуга окшогон жалкоо, бузукунун тилине кирип жүрсөң керек* (Байтемиров). 2. *өт.* Сүйлөө, кепке-сөзгө келип, бирдеме айтуу. *Таң атты, Алым кайра тилге кирди* (Токомбаев).

**ТИЛГИЧ** Апийимдин башын тилүүчү бычак.

**ТИЛДЕ** Жемелөө, урушуу, сөгүү, тил тийгизүү. *Улууга жаман айтпаган, Кичүүнү тилдеп какпаган, Биздин, биздин башкарма* (Осмонов). *Жеңи жок жалаң чепкен кийген күнүм, Байбиче кошо тилдеп, күйгөн күнүм* (Барпы).

**ТИЛДЕН КАЛУУ** Оорудан, ар кандай кырсыктан ж.б. сүйлөй албай калган өлүм алдындагы абалга жетүү, сүйлөөгө дармети келбей калуу. *Каныбек үч күнү тилден калып жатты* (Жантөшев). *Батма тилден калды* (Баялинов).

**ТИЛДЕТ** **тилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЛДЕШ I** Бири-биринин сөзүнөн чыкпаган, бири-бирин жакшы түшүнгөн, сөзү бир. *Жетекчиге тилдеш, бармак басты, көз кысты адамдардан* («Агым»).

**ТИЛДЕШ II** Бири-бири менен сөгүшүү, жаман сөздөр айтып бирин-бири тилдөө. *Теңтуштун көөнүн калтырып, Жаман айтып тилдешип, Жакалашпа жалганда* (Токтогул).

**ТИЛДЕШҮҮ** **тилдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛДИН УЧУНДА ТУРУУ** Мурда кандайдыр бир белгилүү болгон нерсени, окуяны бирөөнүн атын, бир сөздү ж.б. ошол кези келген учурда унутуп калып, эске түшүрө албаган абалда болуу, айтып жиберейин деп, эстей албай туруу.

**ТИЛДИР** **тил** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЛДӨӨ** **тилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛДҮҮ** 1. Заар тили бар, бирөөлөрдү тилдеген, кагып силкип, жемелеген же жалпы эле көңүл ооруткан сөздөрдү көбүрөөк айткан сүйлөөк, тажаал, каяшачыл. *Келинин баласына кылган мамилесин көрүп, байкуш эненин жүрөгү мыжыгат, бир нерсе айтайын дейт, бирок тилдүү келининен айбыгып үнчүгө албайт. Айта берип, дей берип, өзүм да тилдүү болуп кете турган болдум* (Убукеев). 2. Сөзмөр, сөзгө уста, чечен, ширин сөздүү. *Чаргын чукугандай кеп тапкан тилдүү азамат* (Сыдыкбеков). *Чечен тилдүү акындар да, Чебер кооз мактташып* (Нуркамал). *Канымга сөзүн алдырбай, Тилдүү жигит жакшы экен* (Барпы). *Чебер тилдүү чечендердей сыягың* (Калык).

**ТИЛЕ** Каалоо, тилек кылуу. *Агасы мен, уулу мен, Аманын тилейт жанымын* (Үмөталиев). *Азамат жаңы көз жарган уулунун амандыгын тиледи.*

**ТИЛЕГИ КАТУУ** Иши онунан чыкпоо, көздөгөн максатына жетпей калуу, каалаганы ишке ашпоо. *Тийиштик кылса душмандар, Тилеги катып жанчылат* (Калык). *Ишенген кишим кызматынан түшүп калыптыр, тилегим катты деп капалуу жүрдү* («Чалкан»). **В.: Тилеги таштай катуу.**

*Анын тилеги таштай катты* («Ала-Тоо»).

**ТИЛЕГИ ТАШ КАБУУ ЖЕ ТИЛЕГИ ТАШКА ТИЙҮҮ** Үмүтү ордунан чыкпай калуу, ишеничи, көздөгөн максаты орундалбай калуу. *Унтер-офицердин жашырын кат же дагы ошол сыяктуу бир нерсени табууга үмүттөнгөн тилеги таш капты* (Жантөшев).

**ТИЛЕГИҢ КАТКЫР** Көбүнчө балдарга карата жемелөө маанисинде колдонулат. *Тилегиң каткырда да бар. Аны менен жай сүйлөшөйүнчү* (Осмоналиев). *Эй, тетиги тилегиң каткырды кара! Тур мындай!* (Тойбаев).

**ТИЛЕК** 1. Каалоо, өтүнүч, максат. *Куп туюнтту жүрөктү, Кудай берди тилекти* (Калмырза). *Ак жолго түш, тилегиң кабыл болот, Сөзүңдү оңдо, түбөлүк бакыт конот* (Баласагын). *Тилегиңе жет. Жакшы тилек ар кимде бар* (Каимов). *Сага окшоп билсем деген тилек менде, Деп Бакең чай чынысын коёт жерге!* (Осмонов). *Күн да сонун, көлдү карап көп турдук, тилек айтып күмүш тыйын ыргытып* (Акматалиев). 2. Көздөгөн максат. *Күздөн баштап жогорку окуу жайына өтүү тилеги менен кыз азыр зымыраган машинада жолоочулап келатат* (Сыдыкбеков). *Кадырбайдан кек алуу керек деген тилекти алдына коёт* (Жантөшев). *Жакшы тилек – жарым ырыс* (макал). *Өтөлбөй калган бир тилек, Сенде же менде тумчугат* (Мамазаирова).

**ТИЛЕККЕ КАРШЫ** Кандайдыр бир ишти аткарууга, орундоого карата болгон ниетке, үмүткө каршы аяктаган кырдаалды билдирүүчү кириндн сөз иретинде колдонулат. *Тилекке каршы башкарма кызматынан бошоду* (Каимов).

**ТИЛЕКТЕН** Тилек кылуу, үмүттөнүү, ниеттенүү, каалоо. *Окууга өтсөмбү деп тилектенип жүрөт.*

**ТИЛЕКТЕНҮҮ тилектен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛЕКТЕШ** Тилеги бирге, бир максатташ. *Сиз партияга мүчө болбогон менен, ага тилектеш адамсыз* (Убукеев). *Ага менен инидей, Бир тилектеш элибиз* (Барпы). *Каптаган душман ала албайт, Тилектеш болсо миң адам* (Токтогул).

**ТИЛЕКТЕШТИК** Көз караштардын жана таламдардын жакындыгынын же жалпылыгынын негизинде кыймыл-аракеттерди уюмдарды же адамдарды колдоо. Чыгып сүйлөөдө жана аракет кылууларда макулдашкандык. *Аялдардын эл аралык күнүн майрамдоо бүткүл дүйнөнүн аялдарынын тилектештигин дагы ого бетер чыңдайт. Бул – тилектештик, курбулук ысык мамиле* (Каимов).

**ТИЛЕКТҮҮ** Белгилүү бир максатты көздөгөн, тилеги бар. *Токтогул тилектүү, ойлуу, прогрессивдүү акын* (Бөкөнбаев). *Жамандыкты жолотпойт, Ак тилектүү жолдошум* (Осмонов).

**ТИЛЕМЧИ** Кайырчы, думана. *Темпейген тилемчи кемпир келе жатат* (Турусбеков).

**ТИЛЕМЧИЛЕ** Тилемчилик кылуу, тиленүү, сурануу. *Болбосо куржун алып тилемчилеп, Жетимдер кыйын күндө жүрөт бекен* (Токобаев).

**ТИЛЕМЧИЛИК** Тиленип-сурануучулук, кайырчылык. *Тилемчилик менен күн көрүү.*

**ТИЛЕН** 1. **тиле** этишинин өздүк мамилеси. *Уулуңдун убайын көрөм тиленип, Ушундай ишке арнадың, бакбадыңбы* (Бөкөнбаев). 2. Тилемчилик кылуу, кайырчылык кылып сурануу. *Кайырчы болдум бир кезде, Карды үчүн оокат тиленген* (Токтогул). 3. Суранүү, өтүнүү. *Аяш ата Момунжан, суукка тоңдум, тонуң бер, Тилендим эки колуң бер?* («Сейтек»). *Салам айтып өзүңө, Бек тилендн ханыбыз* («Курманбек»).

**ТИЛЕНҮҮ тилен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛЕТ тиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИЛИ БАЙЛАНУУ** 1. Өлүм алдында сүйлөөгө чамасы келбөө, тилден калуу. *Сенин тилиң эмне үчүн байланып калды* (Каимов). *Эми байбичесине дайындамак болгондо тили байланды* (Каимов). 2. Бир нерседен корккондуктан же кандайдыр бир себеп менен аптыгып, буулугуп сүйлөй албай калуу, үн катпоо. *Кыздын жүрөгү алкымына кептелип, тили байлана түштү* («Ала-Тоо»). *Самсахун Каныбектин бул сөзүнө жооп таба албай үнү туттугуп, тили байланды* (Жантөшев). **В.: Тили буулуу.** *Акындардын тили буулуп, ооздоруна сөз кирбей калды* («Жомоктор»). *Ат коюуга жан чыкпай Калктын тили буулду* («Сейтек»).

**ТИЛИ БАРБОО** *к.* **оозу барбоо.** *Тилим барбайт, уялам* (Бейшеналиев).

**ТИЛИ БУРУУ** Кыргыз тилинен башка тилде сүйлөгөн элдер. Кыргыздан башка улуттар. *Тили бурууларды шылтоо кылып, кээде биздин курбулар да өз тилинде сүйлөшпөйт.*

**ТИЛИ БУУДАЙ КУУРУУ** 1. Такылдап кыйын сүйлөө, чеченсип сүйлөө. *Ия, оңбогон абышка, демейде деле тилиң буудай куурат* (Бейшеналиев). *Акия өзү азамат келин, Тили буудай куурат* (Сыдыкбеков). *Тигини! Тигини! Тилиң буудай куурат, ээ!* (Жакиев). 2. Быдылдап бат-бат сүйлөө, быжырап капкайдагыны сүйлөй баштоо (тили жаңыдан чыгып, сайрап турган жаш балага карата). *Уулунун тили буудай кууруп, сайрап турган кезин эске түшүрдү* («Ала-Тоо»). 3. Сөзү менен ыраазы кылуу, сөзү менен бүтүрүү (тилине күчү чыккан жалкоолорго карата). *Сүйлөсө тили буудай куурат, иштесе эки колу шалдая түшөт* («Чалкан»). **В.: Тили бадырак кууруу.** *Тат-*

*туу, таттуу сүйлөп, тилиң бадырак куурат* (Бейшеналиев). **Буудай кууруу.** *Сүйлөсө жыйналышта буудай кууруп, Эмгекке сугарылган тили балдай!* (Турусбеков).

**ТИЛИ БУУЛУУ** Сүйлөй албай калуу, тили байлануу. *Көпкө чейин тилим буулуп калды.*

**ТИЛИ ЖОК** Унчукпаган, оозунан жаман сөз чыкпаган, жоош деген мааниде. *Анын бир жакшы жери тили жок, эч кимге өйдө карабаган ыймандуу келин* («Кыргызстан маданияты»).

**ТИЛИ КАТУУ I** Абдан катуу суусоо, чаңкоо. *Таңдай кургап, тил катып, Күндөптүндөп жол тартып* («Манас»). *Ал жолдо тили ката суусады* («Жомоктор»). **В.: Тили кургоо.** *Айнанын тили кургап, оозуна батпай чыкты* (Жоошбаев). *Тил кургайт, көп кыйындык тарткан*быз, *Суу үчүн кара жанды сатканбыз* (Шамшиев).

**ТИЛИ КАТУУ II** 1. Жаш баланын сүйлөө речи кадимкидей өсүп-жетилип, тили таттуу кезинен өтүп калуу. *Үчтөгү Медердин тили катып баштагыдай кужурабай калды* («Ала-Тоо»). 2. Куштардын сайроо мезгилинин токтолуусу, сайрай албай калуусу. *Жан эритчү канаттуу куштардын тили каткан* (Жоошбаев). *Сары ала чымчык тили ката элек кезинде кумардан кануу үчүн куурайдан куурайга учуп конуп жүрүп, бир кайрып күүсүн далай жерге угузат* (Каимов).

**ТИЛИ КҮЙҮҮ** *к.* **оозу күйүү.**

**ТИЛИ КҮРМӨӨГӨ КЕЛБӨӨ** Сүйлөй албоо, сөз айта албай булдуруктап калуу. *Күрмөөгө келбей тилдери, Сүйлөй албай балдырап* (Осмонкул). *Айтор, бир нерсе айтууга таптанып келип эле тили күрмөөгө келбей калат* (Каимов). *Бирөөлөрдү чакырып, кыйкырайын деди эле тили күрмөөгө келбей койду* (Абдукаимов). **В.: Тили күрмөлбөө.** *Суукка кайыгып калдык окшойт, тилибиз күрмөлбөй калды* («Ала-Тоо»). **Тили күрмөлүү.** *Бирдеме айтайын десе, Теңирберген менен Акбаланын ортосу бетине чиркөө болуп, тили күрмөлүп турат* (Укаев).

**ТИЛИ КЫЧЫШУУ** Көбүнчө бирөөлөргө кекээрдүү, кер какшык сөздөрдү айткысы, тийишкиси келүү, сүйлөгүсү келип араң туруу. *Тилим кычышып сүйлөгүм эле келет* (Абдукаимов). *Тили кычышып, тыйгандын күчү менен араң турат* («Чалкан»).

**ТИЛИ МЕНЕН ОРОК ОРУУ** *к.* **оозу менен орок оруу.**

**ТИЛИ ООЗУНА БАТПОО** Аябай суусоо, чаңкоо. *Ысып, тердеп тилим оозума батпады* (Баялинов). *Он беш күндүк тынымсыз жол, суусуз чөл тилди оозго батырбай акактатат* (Шүкүрбеков). *Кычандын оозу тилине батпай кургап, чаңкап чыкты* (Бейшеналиев). *Жылдызкандын эриндери кеберсип, тили оозуна батпай, суусап турат* (Байтемиров).

**ТИЛИ ООЗУНА ЖУКПОО** Буйдалбастан тез сүйлөө, тартынбай ылдам, бат-бат сүйлөө. *Тили оозуна жукпай үч саат сүйлөдү* («Чалкан»). *Тили оозуна жукпай шыпылдап сүйлөйт* («Ала-Тоо»).

**ТИЛИ ӨТПӨӨ** Кадыр-барктан, сыйдан кетип, сөзү эм болбой калуу, кеби суу кечпөө, эч ким тоготпой калуу. *Өмүрлүк жарыңа тилиң өтпөсө, менден кайсы жакшылыкты күтөсүң?* (Бердикеев). *Так ээси хандарыңар атасы баласына тили өтпөй, баласы атасына тили өтпөй, куулуп ташталды* (Касымбеков).

**ТИЛИ СУУК** Жан кейиткен заар сөздүү. *– О-о, бул карыянын тили суук, айткан сөздөрү коркунучтуу* (Абдукаримов). *Качыкенин үйүнөн муруңкусундай эле бирде жылуу, бирде тили суук каттар келип капалана берчү* (Абдукаримов). **В.: Тили заар.** *Какач, айткан сөзүң акыл болгону менен, тилиң заар* (Жоошбаев). **Тили уу.** *Тили уу немени шайтан ушу жерден сайды да койду* (Осмоналиев).

**ТИЛИ ТАТТУУ** Жаш баланын тили жаңыдан чыгып, кужурап татынакай сүйлөй баштаган учуру. *Тили таттуу жаш бала, Сүйлөп берди жай гана* («Ала-Тоо»). *Айнаштын тилинин таттуу кези: ал бөйрөктү «бөйөк» дейт, – деп коёт* (Осмоналиев).

**ТИЛИ ТЕШИЛҮҮ** Айтып-айтып жадоо, мокоо, кайра-кайра айта берип чарчоо. *Айта берип тилим тешилди, эми айтпайм – деди* («Ала-Тоо»). *Какшап жүрүп тилим тешилди* (Элебаев).

**ТИЛИ ТИЙҮҮ** Бирөөгө жаман сөз айтуу, катуу айтып тилдеп коюу. *Жарты нан байдан сурап жеген күнүм, Көрүнгөн байдын тили тийген күнүм* (Барпы). *Менин дагы тим жүрбөй, Адылга тилим тийди эле* (Жантөшев). *Балам, сага ачуум менен тилим тийди кечирип кой, – деп өтүнгөндө, – кечтим, апа, – дедим* («Ала-Тоо»). *Менин жамандыгымбы же жаштыгымбы, сизге баягыда тилим тийип калды* («Ала-Тоо»).

**ТИЛИ УЗУН** Уккан-көргөнүн айта берген, өтө сүйлөөк, ушакчы. *Анан калса кийинки убакта кээ бир тили узун немелер эсептеп жүрүшөт имиш* («Чалкан»). *– Анашов, мен сени жакшы көрөм, жакшы кишисиң. Бирок, тилиң узун* («Кыргыз Туусу»). **В.: Тили кере кулач.** *Карачы, мунун тили кере кулач* (Укуев).

**ТИЛИ ЧЫГУУ** 1. Сүйлөөгө жароо, жа-ныдан сүйлөй баштоо. *Экөөлөп баланы өбөт, көтөрөт. Баланын тили чыгып, буту басууга келет* (Шүкүрбеков). 2. Кеп кайрып каяша сүйлөй баштоо, каршы сүйлөп, айтыша баштоо. *Келинчегин көп урчу эле анын да тили чыгып, өчөшүп алыптыр* («Ала-Тоо»). **В.: Тил бүтүү.** *Азыр кары-жаш, бай-*

*кедей дебей баарына кулач-кулач тил бутту* («Асаба»).

**ТИЛИК** 1. Тилинген, шала кесилген кесик. *Бирөөнүн кийгени этеги тилик кызыл чепкен* (Жантөшев). *Боз шинель, тилик калпак, бийик өтүк, Көздөрү күйүп турат балбал жайнап* (Токобаев). 2. Малдын кулагына салынган шала тиликтүү эн.

**ТИЛИКТҮҮ** Тилиги бар, тилик салынган. *Этеги тиликтүү чепкен.*

**ТИЛИМ** 1. Бир нерседен узата кесип, тилип алынган бөлүк. *Бир тилим дарбыз, коон.* 2. Тилип-кесүү жумушу (мис., апийимди). *Бир күнү Солто деген тууганыбыз келип, Беккул экөөбүздү апийим тилимине алып кетмей болду* (Элебаев).

**ТИЛИН БАЙЛОО** Унчуктурбай, сүйлөтпөй коюу, унчугууга, сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербөө. *Жеке менчиктин таасиринин кай бир учкундары кылтактап, тилдерин байлап койгондой кылды* (Жантөшев).

**ТИЛИН БИЛҮҮ** 1. Бирин бири угуу, түшүнүшө алуу. *Кыздын атасы макул болбой жаткан имиш. Анын тилин билген кишини табуу керек болуп турат* («Чалкан»). 2. Тетиктерин мыкты ажырата алуу, мыкты билүү. *Ушундай станоктордун тилин билген мыкты адистерибиздин бири ушул кыз, – деп четте турган татынакай кызды көрсөттү* («Кыргызстан аялдары»). **В.: Тилин табуу.** *Букарбай тилмечиңиз табар алардын тилин* (Бейшеналиев).

**ТИЛИН БҮЛӨӨ** *к.* **тилин кайроо.**

**ТИЛИН КАЙРОО** Безеленип ырдоо, көп сүйлөө. *Кара тилин кайраган, Кадимки чечен Акжолтой* («Сейтек»). *Кара жаак Акбалта, Кара тилин кайрады* («Манас»). *Торгой акын булбул чечен сайрады, Таңкы желде таңшып тилин кайрады* (Маликов). **В.: Тилин бүлөө.** *Кургак чечен далай-далай сайраган, Тилин бүлөп бекеринен кайраган* (Турусбеков). *Кызыл тилин сайратып, Бүлөп кетип барамын* (Бөкөнбаев).

**ТИЛИҢ КЕСИЛГИР** *же* **ТИЛИҢЕ ТИКЕН КИРСИН, ТИЛИҢЕ ЖАРА ЧЫККЫР (ТИЛИҢЕ КЕЛГИР) же ТИЛИҢЕ ТИБИРТКЕ** Бирөөлөрдү каргап шилөөдө, жемелөөдө колдонулат.

**ТИЛИН ТАБУУ** Муютуу, макул кылуу, көндүрүү. *Кожом, касиетиңиз бар эмеспи, тилин өзүңүз табыңыз* (Бейшеналиев). *Теңирберген агасынын тилин таап көндүрдү* (Укаев).

**ТИЛИН ТАРТПОО** Өз оюндагысын тайманбастан, жалтанбастан айтуу, тартынбай жаман сөздөр менен тилдей берүү. *Ыза көргөн Казак тилин тартпай ан сайын зулум куданын ачуусун кайнатты* (Сыдыкбеков). *Ушинтип кымындай сыр айткан жок, Жазганып тилин такыр тарткан жок* (Турусбеков). *Тирмийген жалгыз жаш бала, Тилин тартпай сүйлөдү* (Бөкөнбаев).

**ТИЛИН ТАРТУУ** Астыртан, тымызын байкоо жүргүзүү, сырын тартуу. *Душмандын тилин тартуу биздин милдетибиз, анан чабуулга өтөбүз деди* («Ала-Тоо»). *Тил тартмакка келгемин, Тилимди ал мергеним* («Ырлар»).

**ТИЛИН тил** этишинин өздүк мамилеси.

**ТИЛИН ТИШИНЕ КАТУУ** Унчукпоо, сыр билгизбөө. *Илгери-кийин оту күйүшүп кетер деген тилекте тилин тишине катып жүрдү* (Ашымбаев). *Тилин тишине катып, чыр күйөөсү менен жашап келген келинчегинин күйүп-жанаарын берки «көк түтүнгө» башы айланган баңги күйөөсү кайдан билсин* («Кыргыз Туусу»).

**ТИЛИН ТИШТӨӨ** Оозун кармангандай, унчукпай, акырын тим болуу, ичинен тынуу. *Ордо кишилери да нес болгондой, тилдерин тиштеп, көздөрү чекирейип, амирдин жообун күтүп калышты* (Касымбеков). *Агасынын арстан кабагынын серпилгенин көрүп, тилин тиштей токтоду* (Бейшеналиев). *Тилиңди тиштеп, шүк тур деди ышкырылта жекирип* (Айтматов).

**ТИЛИНДЕ СӨӨЛҮ БАР** Айтканы айткандай келген, айтканы ката кетпеген, сүйлөгөн сөзү сыйкырдуу, таасирдүү күчкө ээ деген мааниде. *Тилинде сөөлү бар зайып айтаар наалат-каргышын жаадырып жатты* (Сыдыкбеков). **В.: Таңдайында сөөлү бар.** *Бал тилиңди салганда, Таш да болсо эриткен Таңдайда сөөлүң бар экен* («Эр Табылды»). **Тамагында сөөлү бар.** *Каныкейдин таңдайында мөөрү бар, Тамагында сөөлү бар* («Манас»). **Тилинде мөөрү бар.** *Перинин кызы Айсалкын Касиеттүү жан экен, Тилинде мөөрү бар экен* («Эр Төштүк»). *Айтканы ката кетпеген, Тилинде мөөрү бар экен* (фольк.).

**ТИЛИНДЕ ТИКЕНИ БАР** Сөзү курч, күйдүрүп, чучукка жеткире айткан сөзү бар. *Тилинде тикени бар келин.*

**ТИЛИНЕ КИРҮҮ** Бирөөлөрдүн сөзүнө кирүү, азгырыгына берилүү, ыгына көнүү. *Мобуга окшогон жалкоо, бузукунун тилине кирип жүрсөң керек* (Байтемиров).

**ТИЛИНЕН БАЛ ТАМУУ** Уккулуктуу, жагымдуу сүйлөө, куюлуштуруп абдан чебер сүйлөө. *Сүйлөп отурса тилинен бал таамп, жанынан чыккың келбейт* («Ала-Тоо»). *Тилден бал тамат, уу да тамат* (макал).

**ТИЛИНЕН ТАБУУ** Оозунан жаңылуу. *Мейли, өзү тилинен тапты, мейли, кечирип коюң, байбатча, мейли, баш жарылса айыгат, мейли* (Касымбеков).

**ТИЛИНЕН ЧАҢ ЧЫГУУ** *к.* **таңдайынан чаң чыгуу.**

**ТИЛИНЕН ЧЫКПОО** Айтканына, дегенине көнүү, макул болуу, орундатуу, айтканы, дегени менен болуу. *Күйөөм менин*

*тилимен чыкпайт* (Байтемиров). *Сатар, садага, энеңдин тилинен чыкпа, сабагыңды оку* (Баялинов).

**ТИЛИНИН УЧУНДА ТУРУУ** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө айтууга камданып, оозунан чыгып кете жаздоо. *Ушул жооп тилинин учунда ойноп турса да, оозу барбады экөөнүн тең* (Өмүрбаев). *Тилимдин учунда турду эле, кап, унутуп калбадымбы деп кейиди* («Ала-Тоо»).

**ТИЛИНДИ ТАРТ** Сөзүңдү токтот, сүйлөбө, оозуңа келгенди оттой бербе. *Болду, тилиңди тарт* («Чалкан»). **В.: Тилиңди тый.** *Ушунчаңда тилиңди тый. Бирди көрөсүң, – деп ызырынып тура калды* («Ала-Тоо»).

**ТИЛИҢЕ ТИБИРТКЕ ЧЫККЫР!** Орду жок олдоксон айтылган сөзгө же жан кейиткен суук сөзгө карата тилдөө, каргоо маанисинде колдонулат. *Какылдап кечке сүйлөйсүң, тилиңе тибиртке чыккыр!* («Ала-Тоо»). **В.: Тилиңе келгир!** *Тилиңе келгир! сөзүңдү токтотчу, – деп ачууланды* («Ала-Тоо»). **Тилиңе чок түшкүр!** *Тилиңе чок түшкүрдүн айтканын кара!* («Чалкан»). **Тилиңе күйдүргү чыккыр!** *Мени күйгүзгүң бар ээ, тилиңе күйдүргү чыккыр!* («Ала-Тоо»). **Тилиңе жара чыккыр!** *Болду эми, тилиңе жара чыккыр! Менин эмне иштеп жүргөнүм менен сенин кандай жумушуң бар?* (Абдукаримов).

**ТИЛИҢЕ ТИШИҢ КҮБӨ** Сөзүңө бекем тур, сөзүңө бек бол, байкап сүйлө, деген мааниде колдонулат. *Кечтим байдын кызынан, бекер берсең да албайм, дегенде Нурбай тилиңе тишиң күбө деп кайталап сурады эле, дагы ошол сөзүн кайталады* («Кыргызстан маданияты»). *Бектур, Искендер мырза, тилиңерге тишиңер күбө болсун* (Турусбеков).

**ТИЛИШ тил II** этишинин кош мамилеси.

**ТИЛКЕ** 1. Узата, кууш келген бөлүк, нерсе. *Тилке кагаз. Тилке-тилке кесилген кийиз.* 2. Ушундай формада болгон (кууш, узата келген) жер аянты. *Майда-майда тилке беде, жашыл жер, Урап жаткан кербен сарай жок болгон* (Токомбаев). *Нарындын жээгин каптаган токойлуу тилкени өрдөдү* (Бейшеналиев). 3. Кандайдыр бир өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып туруучу же мүнөздөлүүчү аралыктагы убакыт, доор, мезгил.

**ТИЛКЕЛЕН** Тилке-тилке тарткан көрүнүштө болуу, тилке тартып кетүү. *Тилкеленген ээн боз адырдын этегиндеги чыбыр жолдо эки жолоочу келатышты* (Каимов).

**ТИЛКЕЛЕНҮҮ тилкелен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛКЕЛҮҮ** Тилке-тилке болуп кеткен, тилкеси бар. *Тилкелүү эгин аянттары.*

**ТИЛЛА** *диал.* **дилде** менен бирдей.

**ТИЛЛАЛЫК** Алтындык, дилделик. *Үч тиллалык калта экен, Сиз да нисап кылыңыз, Алты тилла салыңыз* («Эл адабияты»).

**ТИЛМЕ** Дененин чыңалып, шишип кетме жана элдик дарыгерликте тилүү жолу менен эмдей турган оору түрү.

**ТИЛМЕР** 1. Элдик имиш боюнча канаттуулардын тилин билип, аны ажырата алуучу киши. Кушка тилмер саятчы. *Ушул кандын тушунда Кушка тилмер жан болгон* (Молдо Кылыч). 2. Чечен, мыкты сүйлөгөн сөзмөр. Тилмер киши.

**ТИЛМЕЧ** Котормочу, бир тилден экинчи тилге которуп берүүчү адам. *Кыргыздарга тилмечтери которуп, Өздөрү да чоочун сөздөр үйрөнду* (Токомбаев). *Түгөл эки жакка тең тилмеч боло баштады* (Бейшеналиев).

**ТИЛМЕЧТИК** Бир тилден экинчи бир башка тилге которуп айтып берүүчүлүк, котормочу.

**ТИЛӨӨ тиле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛСИЗ** Тили жок, сүйлөй албаган же тилден калган абал. *Тилсиз айбандын жүрөгүндө эмне бардыгын кайдан билейин* (Жантөшев). *Ал бир улак алдырып келди да, тилсиз жаткан Сатылганга өпкө чаптырды* (Токомбаев).

**ТИЛСИЗ ЖОО** Өрт, жер титирөө, сел жүрүү, суу каптоо сыяктуу табигый кырсыктар. *Тилсиз жоо агып жатат түрмөктөнүп* (Шамшиев). *Телмиртип мени сүйрөгөн, Тилсиз жоо сага баркым жок!* («Семетей»).

**ТИЛСИМ** Сыйкырдуу дуба. *Жан жеткис тилсимдеги мүрөк болсом, Эсепсиз узун өмүр берер элем* (Токомбаев). *Чек арага чеп кылып, Тилсим койгон жери бар* («Семетей»).

**ТИЛСИМАТ тилсим** менен бирдей. *Акунбешим башаанын, Адам уулун жүргүзбөс, Тилсимат койгон жериби?* («Манас»).

**ТИЛСИМДҮҮ** Сыйкырдуу, сыйкырдалган. *Жетимиш миң найзаны жеткилең сууга сугартып, Тилсимдүү жерге жыйдырды* («Семетей»).

**ТИЛСЫМАТ** *туурасы:* **тилсимат.** *Баястан үнү саал бийиктете тилсыматын улап, орто арада...* (Даникеев).

**ТИЛҮҮ тил** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИЛЧИ** 1. Тил илими боюнча адис. 2. *эск.* Кабарчы. *Гезиттин тилчиси болуп иштеген.*

**ТИМ** Тынч, жөн, добушсуз, жымжырт. *Сүйлөп-сүйлөп чарчагандан кийин, өздөрү эле тим болушту* (Абдукаримов). *Көл да көшүп тим жатат, Көптөн сени күткөндөй* (Бөкөнбаев).

**ТИМ ЭЛЕ** 1. Бекер, эч себепсиз, максатсыз. *Тим эле келдим. Тим эле жүрө беребизби? Тим эле сөз ирети келгенде айтып койду* (Байтемиров). 2. Күчөтүү маанисинде колдонулат. *Жердин сырын билген карыялар бул жерге эгин тим эле оңколоп калат дешти* (Байтемиров). *Тим эле билгич болуп алыптыр.*

**ТИНТ** Бир нерсе издеп аңтаруу, кароо, оодаруу. – *Менде эчтеке жок. Ишенбесеңер тинтип таап алгыла деп, Болот миңбашы жооп берди* (Абдукаримов).

**ТИНТЕ** Бычак, канжардын бир түрү. *Көк чыбык мылтык, ак тинте* («Семетей» С.К.). *Аябай ууга сугарган, Ак тинте болчу боюнда* (Маликов). *Алтымыш кой, кырк тайга, Сатып алган ак тинте Кындан сууруп аламын* («Манас»).

**ТИНТИЛ тинт** этишинин туюк мамилеси.

**ТИНТТИР тинт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИНТҮҮ тинт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИНТҮҮР** Эки жагы тең миздүү келген шиштигий курч учу менен туюк жараларды тилүү ж.б. үчүн колдонулуучу хирургиялык аспап, ланцет. *Тинтүүр салып тилет деп, Кандай ооро болсо да, Ошо киши билет деп* («Эр Табылды»). *Тинтүүр салып огуна* («Манас» С.О.).

**ТИНТҮҮЧҮ** Бир нерсе издеп аңтаруучу, тинтип оодаруучу, кароочу.

**ТИҢСЕ** *эск.* Төбөлдөрдүн баш кийиминдеги айырмалап туруучу тоголок таш түрүндөгү белги.

**ТИП I** 1. Нерселердин, кубулуштардын белгилүү тобуна туура келген үлгү, модель же форманын бир түрү. *Жаңы типтеги партия. Айыл чарба машиналарынын жаңы тиби.* 2. *адаб.* Адамдардын айрым-айрым тобуна мүнөздүү болгон белгилерди жалпылап көрсөтүүчү көркөм образ. *Адабий чыгармаларда көрсөтүлгөн кужурмөн эмгекчилердин, партиялык жетекчилердин жаңы типтери.* 3. *сүйл.* Өзүнүн мүнөзү, жүрүш-турушу менен башкалардан өзгөчө болуп турган адам. *Тескери тип. Оң тип.*

**ТИП II** Сын атоочтун типтик, типтирүү сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТИПОГРАФ** Типография иши боюнча адис, типографияда иштөөчү жумушчу.

**ТИПОГРАФИЯ басмакана** менен бирдей.

**ТИПОГРАФИЯЛЫК типография** дегенге таандык. *Типографиялык иш. Типографиялык жумушчу.*

**ТИПОЛИТОГРАФИЯ** Литографиялык цехи, бөлүмү бар типография.

**ТИПОЛОГИЯ** Нерселердин же кубулуштардын ар түрдүү типтеринин ортосундагы мамилелерди илимий системага келтирип көрсөтүүчү классификация.

**ТИПОЛОГИЯЛЫК БАЙЛАНЫШ** *адаб.* Адабий процесстин же жеке жазуучунун чыгармачылыгындагы башка бир элдин адабий процесси менен, же жеке жазуучуларынын чыгармачылыктары менен окшоштуктары, байланыштары.

**ТИПОЛОГИЯЛЫК типология** дегенге таандык.

**ТИПТЕШ** Бир типтеги.

**ТИПТЕШТИК** Бир типтүүлүк, бир типте болгондук.

**ТИПТЕШТИР** Кандайдыр бир типке киргизүү, белгилүү бир типке ыйгаруу.

**ТИПТЕШТИРҮҮ** 1. *адаб.* Адабият менен искусстводо типтүү образдарды, мүнөздөрдү түзүү процесси. 2. **типтештир** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИПТИК типтүүлүк** менен бирдей.

**ТИПТҮҮ** 1. Белгилүү бир типте болгон, ага мүнөздүү жалпы белгилери бар, жалпы мүнөздүүлүгү болгон. 2. Кимдир бирөөлөрдө көбүрөөк кездешүүчү, көп кайталануучу мүнөздүү белгилери бар. *Типтүү окуя. Типтүү ката.*

**ТИПТҮҮ ОБРАЗ** *адаб.* Белгилүү бир убакта жашаган социалдык бир катмарга кирип, коомдук байланышта турган кейипкерлердин жалпылыктарын алып жүрүүчү каарман.

**ТИПТҮҮЛҮК** Жалпы мүнөздүүлүк, типтүү болгон көрүнүш.

**ТИР I** Бута коюп атууга ылайыктап жасалган жай.

**ТИР II байлooч** менен бирдей.

**ТИР АЛУУ** Ителгини, шумкарды таптоонун, аңга үйрөтүүнүн ыкмасы. *Көк көгүчкөн тир алып, Көк жибектен тор алып* (Эл ырынан).

**ТИРАДА** Көтөрүңкү тондо айтылган сөз.

**ТИРАЖ I** Заёмдо же лотореяда утуштардын ойнолушу. *Бул заём боюнча негизги тираждарда 40 сомдон 500 сомго чейинки утуштар ойнолот* («Эркин-Тоо»).

**ТИРАЖ II** Басылып чыккан китеп же журналдын нускаларынын жалпы саны. *Массалык тираж менен басылып чыккан китептер. Китептин тиражы.*

**ТИРАН** *тар.* 1. Байыркы Грециядагы жана 13–16-кылымдардагы Италия Республикасынын шаарларындагы жеке башкаруучу, бийлик жүргүзүүчү, бийликти зордукзомбулук жолу менен тартып алууга негизделген катаал, ырайымсыз, залим башкаруучу. 2. *өт.* Ырайымсыз эзүүчү.

**ТИРГИЗ тирилт** менен бирдей.

**ТИРДЕ** Тапталган алгыр куштарды, бүркүттү тирүү канаттуу же майда жаныбарларды берип, алдырып үйрөтүү, салууга даярдоо.

**ТИРДИК** Оокат тиричилик.

**ТИРЕ** Бир нерсени кулатпай, түшүрбөй токтотуу үчүн жөлөк, тирек коюу. *Сен кучсуң тирүүлүгүм тиреп турган, А чыны керек таанып түшүнүшүм* (Сариева). *Сарайдын чатырын тиреген мамылар. Ширеңкенин чийи менен тиреп койгонсуп, кирпиктери ирмелбейт.*

**ТИРЕГЕН АСМАНЫҢ БОЛСО, ТАШТАП ЖИБЕР** *к.* **асманыңды таштап жибер.**

**ТИРЕК** Тирөөч. *Устундан коюлган тирек.* 2. *өт.* Колдой турган таяныч, бел кыла турган ишенич. *Тирегисиң элимдин, Түбөлүк тынчтык каалаган* (Осмонкул). *Тиер*

*бекен деп турам, Тиректүү кеңеш аркасы* (Казыбек).

**ТИРЕЛ тире** этишинин туюк мамилеси.

**ТИРЕТ тире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРЕШ тире** этишинин кош мамилеси. *Шагы ийилген алмаларды тирешип жардамдашуу.* 2. Бири-бирине бой тиреген абалда болуу. (мис., балбандар күрөшкөндө). *Биринбири жыгууга, Балбандары тирешти* («Манас»). 3. Беттешип күч сынашуу, каршылашып кармашуу, айыгыша салгылашуу, алышып согушуу. *Тирешип турат жоо менен, Туйгуну кыраан кыргыздын* ( Маликов).

**ТИРЕШТИР тиреш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРЕШҮҮ тиреш** этишинин кыймыл атоочу. *Тирүү жутуп койсо да, Тирешүүгө мен чыгам* (Маликов).

**ТИРИ тирүү** менен бирдей. *Уурулукка жыгылат, Тири адамдын жаманы* (Токтогул).

**ТИРИ АРБАК** 1. Абдан арыктаган, адам кебетисинен кетип калган, өтө алсыз, дармансыз. *Шордуу Казак тири арбак болуп кейпинен кетип, сулдөрү эле калды* (Сыдыкбеков). 2. Колунан эч нерсе келбеген, эптеп эле адаммын деп басып жүргөн. *Ал бир тири арбак болбодубу, анын эмнесине кейийсиң* («Чалкан»).

**ТИРИ КАРАК** Элпек, чыйрак, колунан иш келген, тың. *Оокаты тың, тири карак бала болгон экен* («Ала-Тоо»). *Батийна өзү да тири карак адам боло турган, – деди Казак* (Сыдыкбеков). *Тири карак, кичи пейил, элпек келин* («Ала-Тоо»).

**ТИРИ УКМУШ** 1. Эң эле башкача, таң каларлык, айран таң каларлык. 2. Шумдуктуудай, адам корккудай, көрүүдөн, карообдон эси чыккыдай. *Тоо алды анык заводго айланып, тири укмуш болуп жаткан эле* (Сасыкбаев). **В.: Тир укмуштуу.** *Тек Күмүшкө Сансыз шумдуктуу көрүндү. Айрыкча анын көз карашы тири укмуш* (Жантөшев). **Тири шумдук.** Таң каларлык, эң эле укмуштуу, тири укмуштуу. *Мына бул кишинин чоорду тартышы тири шумдуктай угулат* (Жантөшев).

**ТИРИГАРАК** Чыйрак, жандуу, тың, бышык. *Батыйна өзү да тиригарак адам боло турган, – деди Казак* (Сыдыкбеков). *Кызынын тиригарак эстүү болгонуна эненин жүрөгү сүйүнөт* («Ала-Тоо»).

**ТИРИГАРАКТЫК** Жандуулук, оокат-тиричиликке бышыктык, жөндөмдүүлүк, жүрүш-турушу жагынан чыйрактык. *Каныбек баланын тиригарактыгына кубангандай күлүмсүрөдү* (Жантөшев).

**ТИРИДЕ ЖОК** Өзгөчө, бөтөнчө, пендеде жок, эң сонун. *Ал бечара тиридe жок жан эле* («Жомоктор»).

**ТИРИК I** *анч.* Куш, бүркүт таптаганда тирүүлөй көзүнө көрсөтүп, этин берүүчү чымчык, таан.

**ТИРИК II** *диал.* Тирүү, жаны бар. *Жигит менен кыз бирге, Тирик жүрөр болсочу* (Барпы). *Тирик эмес, өлүкмүн балдар, Кыямат жүзүн көрүпмүн, балдар* («Эр Төштүк»).

**ТИРИЛ** 1. Тирүү абалга келүү, кайрадан жан кирүү. *Өлгөн менен кошо өлбөйт, Өкүргөн менен тирилбейт* (Токтогул). *Өлгөндү сурасаң тирилгенге эсе* (макал). 2. Жандануу, оңолуу, эси оогон, алсыраган абалдан чыгуу, соо болуу. *Эси ооп калган бала ооруканада жатып тириле түштү.* 3. *өт.* Жандануу, кыймылга кирүү, кызый баштоо. *Ал түгүл аркы-берки сөздөр чыгып, алачык ичи тирилип калды* (Байтемиров).

**ТИРИЛЕЙ тирүүлөй** менен бирдей.

**ТИРИЛИК тирүүлүк** менен бирдей.

**ТИРИЛТ тирил** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРИЛҮҮ тирил** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРИНИН ТОЗОГУ** Абдан оор, өтө кыйын, аябай азап. *Ушул жерге жетмегибиз тиринин тозогу болду, – деп чоң энем үшкүрүп отура кетти* («Ала-Тоо»).

**ТИРИЧИЛИК** 1. Жашоо, күн көрүү, өмүр сүрүү, өсүү шарты; турмуш; оокат кылуу, жан сактоо шарты. *Мамбеткул менен аялы Көсөлдү жашынан тиричилик кылууга үйрөтүштү* (Каимов). *– Кой минтпе, балам! Тиричилик эмгек, менен* (Байтемиров). *Балыктын тиричилиги суу менен.* 2. Тирүүлүк. *Эмне келип, эмне кетпейт, Тиричиликте бир башка* (Осмонкул). 3. Өздөрүнүн материалдык жана маданий керектөөлөрүн – тамак-аш, турак-жай, кийим-кечек, эс алуу ж.б. жагынан канааттандырууга байланыштуу болгон адамдардын турмуш-аракетинин чөйрөсү.

**ТИРКЕ** 1. Чиркештирүү, илиштирүү. 2. Каттоо, жазып коюу. *Китепке тирке. Мурат колундагы дептерчеге өлчөнгөн метрлердин эсебин тиркейт.*

**ТИРКЕЛ тирке** этишинин туюк мамилеси.

**ТИРКЕМЕ** Китептин, журналдын кандайдыр бир эмгектин ж.б. негизги материалына кошумча түрдө өзүнчө, көбүнчө аяк жагына кошулуп берилүүчү маалымат, схема, ар кандай материал. *Журналдын тиркемеси. Таблицалуу тиркеме.*

**ТИРКЕТ тирке** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРКЕШТИР** Тиркеп коюу, илиштирүү, чиркештирүү. *Тракторго сокону, Тиркештирип чегүүдө* (Бөкөнбаев).

**ТИРКӨӨ тирке** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРМЕЙ тирмий** менен бирдей.

**ТИРМИЙ** 1. Бир нерседен көзүн албай ка-

роо, көз ирмебей тиктөө, көңүл коюп иштөө. *Токтогул Айтуунун башынан өткөн окуяларын тирмийип отуруп тыңшады* (Токомбаев). *Тирмийип окуп отурат.* 2. Мелтирөө, мостоюу. *Тирмийген баладан такыр сөз чыккан жок* (Байтемиров). 3. *өт.* Ашкере сак, сары эсеп. *Жоошбайдын тирмийген катыны чычканга кебек алдырбай калсын* («Чалкан»).

**ТИРМИЙТ тирмий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРМИЙҮҮ тирмий** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРМИҢ: тирмиң-тирмиң** Тирминдеген көз карашты, кыймыл аракетти, элести билдирүүдө колдонулат. *Тирмиң этип тиктей калуу. Тирмиң-тирмиң этүү.*

**ТИРМИНДЕ** Тикирейип-тикчие караган, тирмийген көз караашта болуу, тикирендеп жактырбаган, бышыксынган мүнөз көрсөтүү. *Тирмиңдеп кароо. Тирмиңдеп отура берүү.*

**ТИРМИНДЕТ тирминде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРМИНДӨӨ тирминде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРӨӨ тире** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРӨӨЧ** 1. Бир нерсени тирөө үчүн колдонулган жөлөк, тирек, түркүк. *Кэәде тирөөч сынып, вагонеткалар кыйраган күндөр аз болгон бекен* (Сасыкбаев). *Тирөөчтүн боорундагы мыкка илип койгон чырак турат* (Байтемиров). 2. *өт.* Колдоп, көтөрмөлөп, жактап туруучу таяныч, жөлөк. *Көчөр ушундай тирөөч болчу адамга туш болгонуна чексиз кубанды* (Бейшеналиев).

**ТИРСЕГИНЕН ИЛҮҮ** Катуу жазалоо, кордук көрсөтүү. *Керженңдеген кежирди, тирсегинен илгенде* («Манас»). **В.: Тирсегинен асуу.** *Эгер ошолор менин колума тийсе, тирсегинен асар элем* («Ала-Тоо»).

**ТИРСЕК** 1. Согончоктон башталган жоон тарамыш. *Кежеңдеген кежирди, Тирсегинен илгенде* («Манас»). 2. Көздүн сурмасына чыгуучу ысык. *Көзүнө тирсек чыгыптыр.*

**ТИРСИЙ** Уруюп чыгып туруу, чыңалып туруу. *Алп Шамбет баягы тирсийген портфелин балдарга көрсөттү* (Сыдыкбеков). *Чаначтын булуңдары тирсийип, күлдүрт-күлдүрт эткенде, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков).

**ТИРСИЙТ тирсий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРТ: тирт-тирт этүү** Булкуп тартылуу, дирт-дирт этүү.

**ТИРТЕЙ** Катуу чарчагандыктан, ооруп кыйналуудан ж.б. көз кош кабаттанып чүңүрөйүп ары киргенсип көрүнүү, көзү китирейген, киртийген абалда болуу. *– Айтор, чоочун кишинин көздөрү алсыз тиртейип турат, – деди Акак* («Эмгек туусу»).

**ТИРТЕҢ: тиртең-тиртең этүү** Кубарып-кумсарып, итирендеп ачуулануу. *Ушакчы тиртең этип айта кетти, Жолумду, Кошой досум, тоспо торой* (Токомбаев).

**ТИРТЕҢДЕ** Кубарып-кумсарып, итиреңдеп ачуулануу, тиртең-тиртең этүү. *Тиртеңдеп чочуй берди көзүн ачпай, Карагай солк этпеди аскар таштай* (Токомбаев).

**ТИРТЕҢДЕТ тиртеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРТЕҢДӨӨ тиртеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРТИЙ** Ачуусу келип, жактырбай сурдануу. *Сынасаң бир күн жайында, Тиктеп калат тиртийип* (Маликов).

**ТИРТИЙТ тиртий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРТИЙҮҮ тиртий** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРТИЛДЕ** Тирт-тирт этүү. *Ашым Ашымовичтин тула бою тиртилдеп кетти* («Ала-Тоо»).

**ТИРТИЛДЕТ тиртилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИРТИЛДӨӨ тиртилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИРТИНДЕ тиртеңде** менен бирдей.

**ТИРҮҮ** 1. Өлбөгөн, жандуу, жаны бар. *Тирүү жандык. Кантейин, тирүү көрбөдүм, Каргадай жалгыз уулумду* (Токтогул). *Сенин тирүү экениңди жүрөгүм сезчү!..* (Жакиев). 2. Сак-саламат, соо, аман-эсен. *Энем чын эле тирүү бекен?* (Жантөшев).

**ТИРҮҮЛӨЙ** Тирүү бойдон. *Тирүүлөй жетим мен калып, Машакат өттү башымдан* (Барпы). *Марфадан тирүүлөй айрылган экенбиз* (Сасыкбаев). *Тирүүлөй колго түшүрмөк болушту* («Агым»).

**ТИРҮҮЛҮК** Тирүү жүргөн абал, тиричилик шарт. *Жазып көрдүм, Ысык-Көлдө жаз жыргал, Тирүүлүктө көлдүн жазын көрүп кал* (Осмонов). *Тирүүлүктө аз жолукпайт өкүнүч, О, замандаш, эскере жүр ар качан* (Токомбаев). *Сөөгүм куруп жер алдында калганча, О адамдар, Тирүүлүктө жакшы сөзүң аянба!* (Бегимкулова).

**ТИТАН I** *миф.* Кудайлар менен күрөш жүргүзгөн гигант, алп. 2. Таланты, ишмердүүлүгү, чыгармачылык жана акыл жөндөмдүүлүгү ж.б. жагы артыкча болгон, өзгөчөлөнгөн адам.

**ТИТАН II** Суу кайнатуучу чоң идиш.

**ТИТАН III** Химиялык элемент, күмүш түстүү катуу ак металл.

**ТИТИРЕ** 1. Майда калтырак басуу, дирилдөө. *Бир аз сөз айта албады бой титиреп, Мезгилсиз муз тоңгондой жаз гүлүнө* (Үмөталиев). 2. *өт.* Толкунданып, тынчтана албай туруу. *Дүйнө жүзү азыр титиреп турган кези* (Байтемиров). 3. Ачуусу келип калчылдоо, кыжыры кайнап титирендөө. *Титиреп жолборс Мамбет бузуп өңдү: Жөн эле бергин дейсиң тай күрөңдү!* (Турусбеков).

**ТИТИРЕК** Титиреген абал, калтырак.

*Алымкулдун жүрөгү дүкүлдөп, билинер-билинбес титирек басып турат* (Абдукаримов).

**ТИТИРЕҢДЕ** Ачуусу келип, ызырынып калчылдоо, титиреп кетүү. *Ачкыччы токтоло калып, бир топко сүйлөй албай титиреңдеп турду* (Жантөшев).

**ТИТИРЕҢДӨӨ титиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИТИРЕТ титире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИТИРӨӨ титире** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИТР** 1. Катышуучу кишинин сөзүн берип туруучу же түшүндүрмө тексти бар кинофильмдин кадрындагы жазуу. 2. *хим.* Бир куб сантиметр эритмедеги бир заттын көлөмү. 3. Текстиль өнөр жайында: түрмөктүн салмагы аркылуу салмак бирдигинен билинүүчү жибек жибинин жоондугу, салмактык номер.

**ТИТУЛ I** Феодалдык жана буржуазиялык коомдо кишилерге мурастык жол менен же сыймык иретинде берилүүчү ардактуу наам.

**ТИТУЛ II** *сур.* Титулдук барак, китеп графикасында жана полиграфияда китеп жөнүндө жалпы маалымат берүүчү китептин тышкы барагы (мында китептин аты, автору, чыккан жери, жылы ж.б. жазылат).

**ТИТУЛДУК титул** дегенге таандык. *Китептин титулдук барагы.*

**ТИШ I** 1. *анат.* Тамакты керте тиштөө, үзүп алуу жана майдалап чайноо үчүн кызмат кылуучу сөөк зат, ооз ичиндеги мүчө. *Кашка тиш. Маңдай тиш. Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт* (макал). *Таш келсе чайна дептир тишиң барда, Тиштен соң чайнаганга айла кайда* (Бегимкулова). 2. Соконун жана маланын жердин кыртышын тилүүчү, тырмап, майдалоочу миздүү, учтуу бөлүктөрү. *Жарк-журк деп соко тиштер кыртыш тилип* (Мидин). *Кырк тиш мала шай болсун, Кырка-кырка чубама* (Осмонов).

**ТИШ II** Унчукпай, үн чыгарбай тынч отур, тим отур деген мааниде колдонула турган сырдык сөз.

**ТИШ АЧПОО** Сүйлөбөө, лам дебөө, ооз ачпоо. *Алымбек датка бир да жолу сөзүн бузбады, же кубаттоо, же жаратпоо сездирбей бир кунунда мелтейип, сөз акырын күткөнсүп тиш ачпады* (Касымбеков). *Тилмеч эрдин тымпыя кымтып, мисирейип тиш ачпайт* (Касымбеков).

**ТИШ ЖАРУУ** 1. Эч кимге шегин билдирбөө, ооз ачпоо, айтпоо. *Муну тиш жарып эч жанга айта көрбөңүз, ата* («Агым»). 2. *к.* **тиши чыгуу.**

**ТИШ КАККАН** Көптү көргөн, такшалган, дасыккан, бир далай жашка келип калган, далайды башынан өткөргөн. *Кабыл өңү-башы да тиш каккан кишиникиндей, чыйралып, бышып калгандай* («Ала-Тоо»). *Тиш кагып калган жигит жаш баланы ээрчитип алып, даттанып басып жүргөнүн Качыке жактырган жок* (Абдукаимов). *Кабыл өңүбашы да тиш каккан кишиникиндей, чыйралып, бышып калгандай* («Ала-Тоо»). **В.: Тиши каткан.** *Дале болсо жаштыгың, болбосо мага окшогон бир тиши каткан неме болсо будуң-чаң түшүрүп жибербейби* («Чалкан»).

**ТИШ САЛУУ** 1. Тиштегилеп асылуу, тиштеп жармашуу (ит жырткыч айбандар жөнүндө). 2. Тийиштик кылып кол салуу, бирөөлөргө асылуу, тийишүү. *Ал тиш сала албайт. Ал бир топ убакытка чейин оңун келтире албай, акырында ушул учурдан пайдаланып, Момушка тиш салып качыра берди* («Ала-Тоо»). *Жыйналышта сага анчамынча тиш салып койду го* (Байтемиров). 3. *аңч.* Анды тайгандын тиштеши, кол салышы.

**ТИШЕ** Сүт тиштери түшө баштоо, түшүү. *Ат тишеди.*

**ТИШИ БУУДАЙ, ЧАЧЫ КУУДАЙ** Абдан карыган, карылыгы жеткен, өтө кары. *Чоң энемдин эмнесин сурайсың, тиши буудай, чачы куудай, – деп күлүп койду.*

**ТИШИ ӨТПӨӨ** Алы жетпөө, эчтеме кыла албоо, аткара албоо, колунан келбөө. *Канчалык карасанатайлык кылса дагы, Курмандын тиши өтпөдү* («Ала-Тоо»). *Талашыңарды уктум. Суроону́зго тишим өтпөйт го?* (Осмоналиев).

**ТИШИ САСУУ** Бир нерсеге өтө карк болуу, бир нерсени ченемден тышкары пайдалануу (көбүнчө тамак-ашка карата). *Анын тиши сасыды, мындан ага койбосоң да болот, – деп жолдошун тамашалады* («Чалкан»).

**ТИШИ ТИШИНЕ ТИЙБӨӨ** Катуу үшүп, кайыгып кетүү, калтырап-титирөө. *Тиши тишине тийбей калчылдайт.*

**ТИШИ ЧЫГУУ** Өз алдынча бир нерселерди иштөөгө же кандайдыр бийликтен, мансаптан пайдаланууга жөндөмдүү болуп калуу. *Баягы досуң жок, азыр анын тиши чыгып калган* («Чалкан»).

**ТИШИН АЧПОО** Карап сынабоо, тиешелүү баа берүүгө ниеттенбөө, ошол бойдон кабыл алуу. *Досуңдун бергенинин тишин ачпа* (макал).

**ТИШИН КАЙРОО** Ачуусу келүү, жек көрүп ызырынуу, кекенүү. *Бүгүн бирөөлөр Шадыбек «кажы» деп тишин кайрады* (Токомбаев). *Биз төрөлдүк. Таптар тишин кайрашып, Турган кезде, жан аеосуз чайнашып* (Турусбеков). *Ыза тарткан кызынын абийири үчүн Темиркан арданып, тишин кайрап жүргөнү белгилүү* (Сыдыкбеков). *«Айыбымды ачып коюшту, маскара кылышты» деп, бизге тишин кайраганы ырас экен да!* («Ала-Тоо»). **В.: Тишин кы-**

**чыратуу.** *Ал тилин укпаган директорго да бирди көрсөтмөкчү болуп тишин кычыратат* («Чалкан»).

**ТИШИН-ТИШКЕ КОЮУ** Ач калуу, тамак-ашка жетпөө. *Бул айылда аталардын, балдардын пастан келерин күтүп, тишин-тишке коюп отургандар аз эмес* (Абдукаримов).

**ТИШИН ЧАГУУ** 1. Катуу жазалоо, сазайын колуна берүү. *Шашпа! Колго түшчү болсоң жонуңдан кайыш алып, тишиңди бирден чагармын, – деп, корбашы каарын төгүп, качкындарга ызырынып жатты* («Ала-Тоо»). 2. Өтө кыйын, ашкере мыкты билүү, өтө тындык кылуу, кыйын ажыратуу. *Ал соодасынын тишин чаккан адам.*

**ТИШИНЕ ТАШ ТИЙҮҮ** Каңтарылуу, куру калуу. *Жутунбаганда сага да берет элем. Мына эми, тишиңе таш тийди* («Ала-Тоо»).

**ТИШИНИН КИРИН СОРУУ** Абдан ачка болуу, кезерүү. *Тишибиздин кирин соруп, ачка иштейбиз* (Абдукаримов).

**ТИШКЕ ИЛИНЕР ЭЧ НЕРСЕ ЖОК** Ичипжегидей, ооз тийгидей эч нерсе жок. *Үйүндө тишке илинер эч нерсе жок экен* («Чалкан»).

**ТИШКЕ ТЫГЫН ДА БОЛБОО** Аз, тырмактай эле кичине, болор-болбос.

**ТИШТЕ** 1. Тишке салып кысуу, кыса кармоо, көтөрүү. *Ит сөөк тиштеп бараткан эле* (Шүкүрбеков). *Кырк кулактуу казанды, Көтөрүп тиштеп алыптыр* («Эр Төштүк»). *Кыйын-кезең жылдарда балдарыңды, Сен апа, итче тиштеп бакпадыңбы* (Байгазиев). 2. Тиши менен кертүү, бөлүү, үзүү. *Чаргын боорсоктун тең жартысын бөлө тиштеп алды* (Сыдыкбеков). *Аттары асман тиктеген, Арпасын жара тиштеген* (Тоголок Молдо). 3. Тиши менен айбат кылуу, кол салуу же коргонуу аракетин жасоо. *Ат тиштеп алды. Ит тиштеди. Карышкыр тиштеди.* 4. Тиш салып кармоо, басып калуу, өлтүрүү. *Өрдөк тиштей турган машке. Сак сагызган түлкүнүн башына барды, Шак эттире түлкү акең тиштеп алды* (Шүкүрбеков). 5. Тишке салып кысуу аркылуу териден тигилген кийимдин тигишин жаткыруу. *Тондун тигишин тиштеп жаткыруу.*

**ТИШТЕЛ тиште** этишинин туюк мамилеси.

**ТИШТЕМ** Тамак-аштын бир тиштеп оозго салынган бөлүгү, ушундай бөлүккө туура келген ченем. *Бир тиштем нан. Бир тиштем эт.*

**ТИШТЕН** 1. Тиштерин бек бири-бирине бекем такап кысуу, үстүңкү тиштери менен астыңкы эрдин кыса тиштөө. *Эрдин кесе тиштенип, Чымындай жанга күч келип* («Курманбек»). 2. *өт.* Ачуусун тыйып кармануу, чыдоо. *Алчактаган «досуңа» тиштенип араң олтурдум* («Асаба»). *Кабагын карыш салып тиштенип, эрди улам-дан-улам мурчуя берди* (Байтемиров).

**ТИШТЕНҮҮ тиштен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИШТЕТ тиште** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИШТЕШ** Бирин-бири тиштөө, бирин-бири тиштеп алышуу, чайнашуу, кармашуу (мис. айгырлар). *Жолборс да болсо тиштешип ойнор чагы болгондо* («Манас»).

**ТИШТЕШҮҮ тиштеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТИШТИГҮҮ тиштик** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИШТИК** Астыңкы жана үстүңкү тиштерин бири-бирине бекем кыса тийиштирген абалда оозун ача албай калуу, карышып калуу. *Үн чыгарбай тиштигип калды – деп Жүдөмүш сакалын тырмады* (Убукеев).

**ТИШТӨӨ тиште** этишинин кыймыл атоочу.

**ТИШТЭЭК** 1. Алгыр, куткарбаган (тайганга же ууга жараган башка иттерге карата). *Бүркүтүң алгыр жаш түлөк, Тайганың тиштээк жез билек* (Токтогул). 2. Тиштеп алма, тиштегич. *Тиштээк жылкы. Тиштээк бала.*

**ТКАНЬ** 1. Токулган кездеме. 2. *биол.* Өз ара байланышта болгон жана организмде бирдей функцияны аткарган бир өңчөй, бир түрдүү клеткалардын тобу.

**ТОБОКЕЛ** Мейли, эмне болсо да көрөлү деген мааниде колдонулат. *Эмнеси болсо да тобокел* («Ала-Тоо»). *Тобокел ишке кайгы жок* (макал). *Көзү түшсө бир ишке, Топтонушуп келишет, Тобокел деп киришке* (Токтогул).

**ТОБОКЕЛЧИ** Эмне болсо ошо болсун деп, тобокелге салгандык урдура берме, алды-артын карабай кирип кетме киши.

**ТОБОКЕЛЧИЛ тобокелчи** менен бирдей. *Тобокелчил эр экен, Топко тийчү неме экен* (Казыбек).

**ТОБОКЕЧ** *сүйл.* Таң калгандыкты билдирүүдө колдонулат. *Тобокеч ээй, мындай шумдукту ким көргөн.*

**ТОБОРСУ** Чала кургоо, толук кургабай, чала-була нымы менен болуу. *Эки күндөн кийин жер тоборсуп, айдоого жарады* (Убукеев). *Жер бети анчалык тоборсуй элек кези* (Сыдыкбеков).

**ТОБОРСУТ тоборсу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОБОРСУУ тоборсу** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОБУРЧАК I** Сырты кабырчык менен капталган, сүйрүсүнөн келген карагайдын уругу. *Эң жоош деген Сатай да туура үч ирет этегин тобурчак менен толтурду* (Сыдыкбеков).

**ТОБУРЧАК II** Келишимдүү, денеси чоң, чың ат, күчтүү, жоокерчиликте минилген

чыдамдуу ат. *Атыңдын мойну бир кучак, Аркак сындуу тобурчак* («Манас» С.О.). *Тобурчак ат токунуп, Тоо аш, бел аш чамына* («Эл адабияты»). *Мара бир аз узагыраак болгондо, көк тобурчак басып кетмек* (Каимов). *Тобурчак минип артынан, Куусаң келбейт балалык* (Токтогул). *Тобурчак аттын дулдулу, Топ жыйындын булбулу* (Жеңижок).

**ТОБУЯ** Шириси, кайнатылган маңызы чыкка пайдаланылуучу дары өсүмдүк.

**ТОВАР** 1. Алмаштыруу же соода-сатык жүргүзүү үчүн өндүрүлгөн эмгек өндүрүмү. *Товар өндүрүү. Товар жүктөлүүчү веагондор.* 2. Сатыкка түшкөн буюму. *Дүкөнгө жаңы товарлар көбүрөөк түшчү болду* («Ала-Тоо»). *Базар товарлары.*

**ТОВАРДЫК** 1. Товар болуп эсептелген, сатууга арналган. *Чүй областы товардык эгин өндүрүү боюнча өлкөдө алдыңкы орунга чыкиы* («Кыргыз Туусу»). 2. Товар ташууга, жүк ташууга арналган. *Товардык поезд.*

**ТОВАРТААНУУ** Соода предмети болуп эсептелүүчү товар жөнүндөгү жана аны жүгүртүү касиети, түрлөрү, керектөөдөгү мааниси жөнүндөгү билимдин жалпы жыйындысы.

**ТОВАРТААНУУЧУ** Товартаануу боюнча адис.

**ТОГО** Экинчи бир нерсенин эсебине чегерүү, ошого туура келет, тендешет деп эсептөө. – *Кечээ, мурдагы күнү аз алып келгениңе карабастан, көп акча бергемин. Бүгүн алып келгендериңди ошого тогоймун* (Жантөшев).

**ТОГОЛ** **того** этишинин туюк мамилеси.

**ТОГОЛО** **тоголон** менен бирдей.

**ТОГОЛОК** 1. Шар формасында болгон, шарга окшогон. *Топтой болгон тоголок таш. Тоголок кызыл даны бар, Токчулук буудай жана бар* (Тоголок Молдо). 2. Жапалдаш келген чарчы бойлуу, бою жапыз келген борсогой, болук, чарчы бойлуу семиз. *Кара тоголок бала зымырап жүгүргөн бойдон кой жайытына жүгүрдү* (Жантөшев). 3. Чай, кант, картошка сыяктуу бир катар нерселердин айрым даанасы, кесеги. *Салык бир килограмм кант, балдарына момпосуй жана 2-3 тоголок чай алды* (Каимов). 4. *сүйл.* Миң сом. *Бир тоголок акча алып келиптир.*

**ТОГОЛОК АРЫЗ** Жазган кишисинин ким экендиги, аты-жөнү көрсөтүлбөгөн арыз же кат. *Мындай тоголок арызды ким жазды* (Жантөшев). *Сенин үстүңөн тоголок арыз түштү, – деп күлүп койду* («Чалкан»). **В.: Тоголок кат.** *Жарбаңга ушак, тардык, тоголок кат, Эчактан болду бекен ичкен ашы* (Токомбаев).

**ТОГОЛОК ЖЕТИМ** Атасы да, энеси да жок, эч кимиси жок. *Кишилердин айтышына караганда, Данияр кичинесинде тоголок жетим калат* (Айтматов). *Өзүң тоголок жетимсиң. Сен минтип жүрүп, кантип адам болосуң? – деп Бурмаке мени жемеледи* (Элебаев). **В.: Томолой жетим.** *Жаштайыман томолой жетим калдым* («Ала Тоо»).

**ТОГОЛОКТО** Тоголок формага келтирүү.

**ТОГОЛОКТОО** **тоголокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГОЛОКТОШ** Биригишип, топтошуп калган абалга келүү. *Тоголоктошуп калган ун.*

**ТОГОЛОКТОШТУР** **тоголоктош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОГОЛОКТОШУУ** **тоголоктош** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГОЛОН** Бир нерсенин үстү менен өз огунда айлана жылуу (шар формасындагы нерселер жөнүндө), тегеренип, ала салып кулап же көмөлөнүп кетүү. *Волейболдун тобу алдыбызга тоголонуп келсе болобу* («Ала-Тоо»). *Челек тоголонуп кетип, ачкыл Токтогулдун тизесине жаба төгүлдү* (Токомбаев). *Аты менен ошондо, Тоголонуп калды эле* («Эр Төштүк»).

**ТОГОЛОНУУ** **тоголон** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГОЛОТ** 1. Тоголонуп кеткидей кыймылга келтирүү, кулатып, ала салдырып, көмөлөтүп жиберүү. *Мээрин төгүп күн эритсе ак карды, Тоголотуп өзөндөгү таштарды* (Маликов). *Тоголотуп топ тептик, Топ качса да биз жеттик* (Үмөталиев). *Тоголотуп далайын, Топуракты жалатты* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Кулатуу, жыгуу, жок кылуу, ойрондоо, талкалоо. *Ордунан тоголотуп жиберишпесин деп чоңдордун ичи-койнуна кирип жүрөт* («Чалкан»).

**ТОГОЛОТУУ** **тоголот** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГОЛОТУШ** **тоголот** этишинин кош мамилеси.

**ТОГОЛУУ** Тогоосу бар, тогоо тагылган. *Отуз тоголуу чынжыр.*

**ТОГОМ** *диал.* Тоом.

**ТОГОНОК** Көңүл соороторлук, көңүл жубатарлык жөлөк, нагыз өзү болбосо да ордун басарлык, ыраазы болорлук каниет. *Өйдө чыксак тогонок, Өбөк Төштүк келди деп* («Эр Төштүк»). *Эч болбосо эки айда бир көрүнүп койсоңор эле, мага чоң тогонок* (Токомбаев).

**ТОГОНЧОР** Жээн небере.

**ТОГОО I** Шакек түрүндөгү темир алкак, төңөлүк, чагарак. *Кычан тогоо, илгич өңдүү майда буюмдарды жасай коёт* (Бейшеналиев). *Яровойдун сары кайыш курунун жылдыз порумунда жасалган сары тогоосу жаркырап турат* (Байтемиров).

**ТОГОО II** **того** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГООЛ** 1. Жакындашкан, кездешкен абал, планеталардын бири бирине жакын-

дап, маңдай-тескей болуп турган кези. *Оң чекеден күн чыгып, Сол чекеден ай чыгып, Тогоол болуп бул экөө, Белги болуп алыптыр* («Семетей»). 2. Үркөр менен Айдын маңдай-тескей келип, бири-биринен ыраак турган мезгили (Үркөр боюнча убакытты, мезгилди билүүдөгү байыркы эсеп). 3. *өт.* Сейрек жолугушуу, бетме-бет келүү. *Султанбек мырза мындай тогоолду күткөн эмес.*

**ТОГООН** Тосмо, бөгөт, буума. *Эми, даргаттардын жалаасы жеңил дечи, жан алакеттен тайдырган жанагы суу башындагы чоң тогоон* (Даникеев).

**ТОГОР** Кандайдыр бир карыздын ордуна бир нерсени эсептеп чыгарып коюу, чегерүү. *Достай жоголгон атына тогоруп, Малтабардын эки жылдык акысын бербейт* (Жантөшев).

**ТОГОРУУ** **тогор** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГОРУШ** Бири-бирине тогоштуруп эсептешүү, өз ара чегеришип эсептешүү, тогоштуруу.

**ТОГОТ** **тоот** менен бирдей.

**ТОГОТМЕК** *диал.* Тоотмек.

**ТОГОШ** 1. Беттешүү, кездешүү, тоорушуу, кармашуу, кагышуу. *Кече сары өзөн Чүйдүн башында, Бир тогоштум Коңурбай* («Манас»). *Томсоруп кайта келгиче, Тогошпой үйдө тим жатпай* («Эр Табылды»). 2. Тогоол абалына келүү.

**ТОГОШТУР** **тогош** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОГОШУУ** 1. Жакындашуу, бирге болуу, моюн алышуу. 2. **тогош** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОГУЗ** 1. 9 саны, эсеби. *Айыл чарба адистерине арналган бөлмөнүн эшиги күндөгүдөй эле саат тогузда ачылды* (Убукеев). *Тогуз жашар бул бала, Кимдин уулу болду экен?* (Токтогул), *Жыландарын карасаң, Тогуз кулач аркандай* («Манас»). 2. *тар.* Калыңга, байгеге же айыпка берилүүчү тогуз мал. *Аягында кудалардын жааты жеңилип, үч тогуз, бир кул берип жараштыˋ– деп жалган айтып жибердим* (Токомбаев). *Токтогул деп кекетсең, Тогуз айып аларсың* (Токтогул).

**ТОГУЗ БАШ** Чөптүн бир түрү. *Саамга тыным жасап, анын жанындагы тогуз баштын бир талын кырт үзүп, эрин, таноосуна тийгизе искеген болду* (Даникеев).

**ТОГУЗ ЖОЛДУН ТООМУ** Көп жолдун тийишкен, тогошкон, кошулган жери. *Караганда шаары тогуз жолдун тоому. Балыкчы шаары тогуз жолдун тоому. Жаки сени… Ошко дейре кыдыртып, кымгуут, тогуз жолдун тоому соода, базар кызыгына батырат элем сени* (Бейшеналиев).

**ТОГУЗ КАТ** *же* **ТОГУЗ КАРЫН** *анат.* Жумуру келип, бири-бирине кабатталып кат-кат болуп турган жука тилкелүү кабаттары бар тамак сиңирүүчү органы. *Соёрун сойдук, тогуз катын ким артат?* (лакап).

**ТОГУЗ КОРГОЛ** Тактанын эки жак бетинде тогуздан уясы бар, ар бир уяга тогуздан кумалак (таш) салынып, эки киши ойной турган улуттук оюн. *Тогуз коргол ойносоң, тактап ойно, Алды-артыңды сактап ойно* (Жантөшев).

**ТОГУЗ КУМАЛАК** **тогуз коргоол** менен бирдей (*к.* **коргол I**). *Он чакты малчылар тогуз кумалак ойноп жатышат.*

**ТОГУЗ МАЛ** Сыйлыкка, айыпка, калыңга, байгеге ж.б. берилүүчү малдын бирдик эсеби (Бир тогуздан тартып эки тогуз, үч тогуз ж.б. болуп жогорулай берет). Тогуз малдын бир нече түрү бар: 1. Ар бир малдын түрүнөн кошуп, жалпы санын тогузга жеткирүү. 2. Бир эле малдан тогузду берүү. 3. Белгилүү (күлүк ат, чоң жорго ж.б.) бир мал, же кара малдын бири (төө, бээ) баштаган тогуз мал берүү. Тогуздап мал салуунун, берүүнүн жогорку токтогон чеги тогуз. Андан ашканда малдын саны жөн эле аталат (жүз жылкы, беш жүз кой ж.б.). *Бээ баштаган беш тогуз, Төө баштаган төрт тогуз.* («Манас» С.К.).

**ТОГУЗ ТОЛГОНУУ** Абдан катуу ойлонуу, тынчы кетүү, көңүлү бир жерде болбоо. *Оросул тогуз толгонуп ойго чөктү… Карыяны аяды* (Осмоналиев). **В.: Токсон толгонуу.** *Алым бул түнү токсон толгонуп, кирпик какпай чыкты* («Ала-Тоо»). *Жаш келин токсон толгонуп чыдабай баратат* (Сыдыкбеков).

**ТОГУЗ ТОЛГОО БИР КЕЛҮҮ** Толгон кыйынчылык, бир канча кысталыш иш, ар кандай кырдаал чогуу келүү, бир мезгилде болуу. *Тогуз толгоо бир келгенин карачы, – деп апам күйпөлөктөп, кейий баштады* («Ала-Too»). *Ансыз да тогуз толгоо бир келип жатат* (Сасыкбаев).

**ТОГУЗ ТӨБӨ** Тоголок келген кызгылтым баш алып гүлдөөчү чөп өсүмдүгү. *Тогуз төбө, мекери, Толук чөптү ашаттым* (Тоголок Молдо)

**ТОГУЗАК** *этн.* Баласы токтобогон ата-энелер жаңы тууган баласын бирөөлөргө берип, аны кайта тогуз түрдүү ар нерсеге сатып алуу ырым-жырымы (мындай ырым-жырымдан өткөн балага адат катарында Сатыбалды же Тогузак деген ат коюлган).

**ТОГУЗДУН АЙЫ** Кыргыздын элдик календары боюнча октябрь айы.

**ТОГУЗУНЧУ** Тогуздун иреттик саны.

**ТОГУМ** Жыгач дөңгөлөктүн сырткы алкагы.

**ТОЗ I** Кузгундап, муздан ашып кеткен суу.

**ТОЗ II** 1. Тозоңго айлануу, тоскок болуп майдаланып учуу, бүлүнүү. *Топурак учуп, тоз күйүп* («Семетей» С.К.). 2. Тарап,

тентиреп кетүү, качып-бозуп кетүү. 3. Эскирүү, абдан эскирип жыртыла баштаган, сүзүлүп калган абалга жетүү.

**ТОЗ ТОПОЛОҢ** Кымгуут, чакчелекей, баш аламан, чаң-тополоң түшкөн абал. *Тоз-тополоң түшүү. Тоз-тополоң салуу.*

**ТОЗДО** Кузгундап жайноо, муздун үстүн каптап агуу, ташуу (суу жөнүндө). *Каныбек тоздогон музду чеберлей басты* (Жантөшев).

**ТОЗДУР** **тоз** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЗОК** 1. *дин.* Өлгөн адамдардын, күнөөлүүлөрүнүн жаны түбөлүк кыйноого алынуучу жай. *«Тозоктун жолу тар» – деди* («Манас» С.О.). *Бейиш, тозок санаа менен ойлошкон, Арбап, арбап, жемиш таап тойлошкон* (Бөкөнбаев). *Жаны о дүйнө жалын тозокто күйсүн* (Калмырза). 2. *өт.* Кыйноо, азап, кыйынчылык. *Ноктодон башын куткарды, Тозокто жаткан элимди* (Токтогул). *Туздарымды урасың, Сен тозокко түшүп турасың* (Калмырза). *Сегиз саат кыймылдабай тактайда олтуруу тозок экен* (Бейшеналиев).

**ТОЗОКТУУ** Кыйын, оор, азаптуу. *Тозоктуу оор күн кетер, Теңдик бир күн жарк этер* (Барпы).

**ТОЗОКУ** Бузаакы, кыянатчы, кежир, кыйды. *Тозоку болчу жан экен* («Манас» С.О.). *Тобурчак изин чалдырар, Тозоку кедей арам куу, Таздуруп кармап алдырар* («Кедейкан»).

**ТОЗОҢ** Абада көтөрүлгөн майда чаң, өтө майда кыпын. *Кулак-мурундарынын кычыгынан көө тозоңу кетпеген кишилердин бетинин жартысы гана көрүнөт* (Сасыкбаев). *Карагандар таң болду, Кара тозоң чаң болду* («Манас»).

**ТОЗООН** *диал.* Аркан тосмой.

**ТОЗОТ** **тосот** менен бирдей. *Топтошуп чыгып аралаш, Тозоттуу жерден чубашкан* (Казыбек).

**ТОЗУЛ** **тоз II** этишинин туюк мамилеси.

**ТОЗУУ** **тоз II** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЙ I** Бала төрөлгөндө, кыз бергенде, келин алганда ж.б. эл чакырылып, ар кандай оюн-тамаша болуп тамак берилүүчү салтанат, кандайдыр бир салтанаттуу күнгө карата болгон майрам. *Тойго союп кырылып* («Манас» С.К.). *Торконун көркү уз болот, Тойдун көркү сөз болот* (Калмырза). *Эртеси Шопок бир кой союп Дүйшөнкулдун бешик тоюн берди* (Бөкөнбаев). *Тойго эмне союлат, келинчегим не киет, аны өзүм билем* (Сыдыкбеков).

**ТОЙ II** 1. Тамактанып, азыктанып ачкалыгын басуу, кардын тойгузуу, канааттанганча тамактануу, жеп-ичүү. *Курсагы тойгон соң, Ок жетпесин ээрчитип, Динар далайга гүл терди* (Сыдыкбеков). *Эненин колунан кыз тойбойт, эрдин колунан куш тойбойт* (макал). 2. Бир нерседен же бирөөдөн жадоо, аша кечүү. *Сенден тойдум.*

**ТОЙ БАШТАР** Үйлөнүү үлпөтүндө эң алгач ырдалган ыры. *Бүгүн тоюң түшүптүр, Таласка таруу бышыптыр.*

**ТОЙ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Элдик салтка байланыштуу тойдо жеке адам тарабынан же жалпы ырдалуучу өзүнчө обону, аткаруу тартиби бар ырлар.

**ТОЙАНА** *диал.* Тойго алып келинген же той ээлери тарабынан берилчү белек. *Тойанасын бердирип Казыга нике кыйдырып* («Эл адабияты»).

**ТОЙБОС** Эч тойбогон, жутунган.

**ТОЙГУЗ** **той** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЙДУР** **тойгуз** менен бирдей.

**ТОЙЛО** Тойдо болуу, той салтанатына катышуу, бир тойдон экинчи тойго барып кыдырып жүрүү. *Тойду бирге тойлогон, Ойду бирге ойлогон* (Үмөталиев). *Биз, бүгүндө шаңдуу тыптынч өлкөнүн Тууган күнүн шаттуу тойлоп жатабыз* (Токомбаев).

**ТОЙЛОО** **тойло** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЙЛОТ** **тойло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЙЛОШ** **тойло** этишинин кош мамилеси.

**ТОЙПОҢ: тойпоң-тойпоң этүү** Кичинекей, толугураак көрүнүштө мотурандаган кыймыл-аракетте болуу.

**ТОЙПОҢДО** Кубанычтуу, көңүлдүү түрдө тойпоң-тойпоң этүү. *Былдырашып тойпоңдоп, Үйдөн чыкты балдары.* (Токомбаев).

**ТОЙПОҢДОО** **тойпоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЙПОҢДОТ** **тойпоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЙТОЙ** 1. Бир аз майрыйган кыска көрүнүштө болуу. *Тойтойгон бут.* 2. Кеби кетип бир аз кыйраюу. *Тойтойгон өтүк.*

**ТОЙТОЙТ** **тойтой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЙТОКТО** **тойтоңдо** менен бирдей.

**ТОЙТОҢДО** Тойтойгон кебетеде, кыймыл-аракетте болуу, тултуктап жактырбаган мүнөз көрсөтүү.

**ТОЙТОҢДОО** **тойтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЙТОҢДОТ** **тойтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЙУН** Оттук үчүн пайдаланыла турган таштын күрөң, тунук түрү.

**ТОЙЧУК** *диал.* Тар чөйрөдө өткөрүлүүчү кичинекей той, чакан салтанат. *Эне-ата Эрланга тойчук өткөрүштү.*

**ТОК I** 1. Тойгон, өзүнүн ачкалык сезимин толук канагаттандырган, ачка эмес. *Ач кайгысын ток билбейт* (макал). *Бүгүн кардың ач болсо, Балам, эртең кайта ток болот* (Токтогул). 2.Оокаты мол, оокаттуу,

турмушу жакшы, көңүлү куунак. *Ырлар жаздым, кээде сызып, кээде оңдоп, Бала өстүргөн жаш атадай көңүлүм ток* (Осмонов).

**ТОК II** Чымкый, кочкул. *Ток кызыл. Ток жашыл.*

**ТОК III: ток этүү** *же* **ток-ток этүү** Кандайдыр бир катуу нерсе менен көбүнчө жыгачкаургандагыдай дабыш чыгуу.

**ТОК IV** Электр зарядынын кыймылы, агымы, электр энергиясы.

**ТОК КАЗАН** Аш-тамагы кеңири, тасторкону дайыма жайылуу деген мааниде. *Атабабасынан бери ток казан, өз убагында эл бийлегендердин тукуму* (Каимов).

**ТОК ЭТЕР ЖЕРИ** Кыскасы, негизгиси, маңызы, жыйынтыгы. *Бурулча сөзүнүн аяк жагында иштин ток этер жерине өттү* (Байтемиров). *Окуянын ток этер жеринен баштайлы* («Чалкан»). *Сапар сөздүн ток этер жерин айтып, апасынын бетине тике карады* (Сасыкбаев).

**ТОКАРДЫК** Металлды, жыгачты ж.б. материалдарды кыруу, жонуу жана курчутуу аркылуу механикалык түрдө иштетүүгө таандык. *Михаил жетекчилик кылган слесарлар бригадасы токардык станокторду жасап жатат* (Сасыкбаев).

**ТОКАРЬ** Металлды, жыгачты ж.б. сүрүп жонуу, курчутуу сыяктуу жолдор менен иштөөчү адис.

**ТОКМААРЕК** Ток пейил, ач көз эмес. *Кандай сүйкүм, кандай эрке, токмаарек, Үйүңдөгү аксак, таргыл мышыгың* (Токомбаев).

**ТОКМОК** 1. Казык кагуу, бир нерсени катуу уруу ж.б. үчүн ылайыкталган жыгач балка, баш жагы уруюп же жоон болуп кеткен кабелтең союл жыгач. *Акмандын колунда чоң токмогу бар* (Сыдыкбеков). *Токмогу күчтүү болсо кийиз казык жерге кирет* (макал). 2. Оюн-тамашада чабуу, уруу үчүн колдонулуучу эшилген жоолук. *Боз уландар колуна токмок тие сала жаактарын жанышат* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Бирөөдөн же бир нерседен жеген таяк, келтек. *Тоютум канбай ал кезде, Токмок жедим көп элден* («Кедейкан»).

**ТОКМОКТО** 1. Сабоо, уруу. *Көпчүлүк Болот миң башыны токмоктоп жатып калды* (Абдукаримов). 2. Эгиндин данын, кызылын ажыратып алыш үчүн союл, токмок менен чапкылап уруу. *Токмоктогон буудайды сапырып жаткан энесинин жанына Гүлайым жетип барды* (Абдукаримов).

**ТОКМОКТОО токмокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКМОКТОТ токмокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОКМОКТОШ токмокто** этишинин кош мамилеси.

**ТОКОЙ** 1. Бак-дарак көп жана калың чыккан чоң аянт. *Арсланбап асыл жер экен, Ар түрдүү жыгач кени бар, Караңгы токой чер экен* (Тоголок Молдо). *Өзөндүн боюндагы калың токой кыймылсыз телмиришет* (Каимов). *Жалгыз дарак токой болбойт* (макал). 2. Суулардын, дарыялардын, көлдөрдүн жээгиндеги жана саздуу жерлердеги камыш аралаш чыккан калың бадал, бадал өсүмдүктөр жыш өскөн жер.

**ТОКОЙЛО** Токой аралап жүрүү, токойдо жүрүү.

**ТОКОЙЛУУ** Токою бар, токою көп. *Чоң Талас токойлуу келет* (Каимов). *Токойлуу жер аңсыз болбос* (макал).

**ТОКОЙЧУ** Токой кароолчусу, токой кайтаруучу. – *Мына бу кичине суу бир тегирмен, Бул жерде токойчунун үйү турат* (Үмөталиев).

**ТОКОЙЧУЛУК** Токой чарбачылыгы.

**ТОКОЛ** 1. Мүйүз өспөгөн мал (мис., токол эчки, токол уй). 2. Көп аялдуу кишинин 1-аялынан (байбичеден) кийинки аялдары. *Ормон өз токолун атка сүйрөтүп өлтүрдү* (Шүкүрбеков). *Токолдон жалгыз Мендирман* («Мендирман»). 3. Барпайган, шоодураган бутак шактуу эмес, дүмүрөйгөн тукулураак. *Бирине бири атаандашкансып токол чыккан эки байтерек бар* (Сыдыкбеков). 4. *өт.* Коргоочусу, таянычы жок киши. *Түймүйган гана токол мен элем* («Семетей» С.К.).

**ТОКОЛ БУУДАЙ** Кылканы жок, кылкансыз буудай. *Бүт жер жүзү жалаң гана жайкалган ак токол буудайлардан жаралгандай алардын чегине көздүн курчу жетпейт* (Абдумомунов).

**ТОКОЛ ТАМ** Чатыры жок, төбөсү жалпак жабылган үй. *Өз убагында токол тамдар да заңгыраган ак сарайдай болсо керек.*

**ТОКОЛ ЭЛЕЧЕК** Төбөсү жыгылбай чалып оролгон кичинекей элечек.

**ТОКОЛДУК** Токол аялдын абалы. *Дөң мурун Жийдегүлдү токолдукка аламын жеп максатына жетпей калган* (Сасыкбаев). *Кар эритип, муз чапкан, Токолдук жок жаштардан* (Тоголок Молдо).

**ТОКОЛДУУ** Токол алган, токолу бар, токол күткөн.

**ТОКОНААЛАТ** 1. Жамандык, кастык, маскаралык, кесепети тие турган. *Өз напсиме тартпаймын, Өз напсиме тарптпаймын, Тоодой токонаалатты, Өз мойнума артпаймын* («Манас»). *Элге «Аңги» дедирип, Баарыбыздын моюнга Токонаалат илинди* («Эр Төштүк»).

**ТОКООРУ** *сейр.* Тынчуу, басаңчалап калуу, жаны жай алып калуу (көбүнчө оору жөнүндө).

**ТОКООРУТ токоору** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОКОЧ БЕТ** Тоголокунан, тегерегинен келген бет.

**ТОКОЧ** Колдо жасалган нан. *Көмкөрмө токоч. Май токоч. Жапкан токоч. Токоч бергилечи, кардым ачты* (Жакиев).

**ТОКОЧ БОЛУП КАЛУУ** 1. Абдан былчыйып калуу, былчыранып, жалпайып калуу. 2. Былчылдата тепкилеген тепкиге калуу, катуу ийленип таяк жеп калуу. *Аман-эсенинде коё бер, болбосо токоч болуп каласың, – деп Бекжан анын колун кармады* (Абдукаримов).

**ТОКСИКОЗ** Канга гармондор көбүрөөк келүүнүн кесепетинен организм уукканда пайда болгон белгилер.

**ТОКСИКОЛОГ** Токсикология боюнча адис.

**ТОКСИКОЛОГИЯ** Уулуу заттардын касиетин жана алардын организмге болгон таасирин үйрөтүүчү илим.

**ТОКСИКОЛОГИЯЛЫК токсикология** дегенге таандык.

**ТОКСИН** *биол.* Айрым микроорганизмдердин, о.э. кээ бир жаныбарлардан жана өсүмдүктөрдөн чыгуучу уулуу зат.

**ТОКСОН** 1. 90 саны, эсеби. *Токсондогу тоолук чалдар өкүнөт: «Жаш чагымда келсечи, – деп бул заман»* (Токомбаев). *Турдакун Усубалиевдин токсон жылдык мааракеси республиканын бардык аймактарында белгиленди.* 2. Элдик календарь боюнча: кыш айлары (декабрь, январь, февраль). *Токсондун толуп турган убагы эле да* (Даникеев). *Эми кайрадан токсондун мойну кыскарып, элдин баары жаз жөнүндө кеп кыла баштаган кез* (Акматов). *Токсон түштү. Токсон кучүндө. Токсон чыкты.* 3. Түркүн-түркүн, ар башка, ар түрдүү, абдан көп. *Токсон кайрып ышкырган, Тоонун эркин улары* (Бөкөнбаев).

**ТОКСОН ТОГУЗ** Түркүн-түркүн, ар түрдүү, абдан көп. *Токсон тогуз даамдын башы коюлган стол. Токсон тогуз кайталоо.*

**ТОКСОНУНЧУ** Токсондун иреттик саны.

**ТОКТО** 1. Кыймыл-аракетти, алга жылууну үзүү, жүрбөй калуу, ордунан козголбоо, жылбоо, ишти жүргүзбөй, улантпай коюу. *Кай бир танк буту үзүлүп турду токтоп* (Үмөталиев). *Эмгек токтой калганга теребел да жымжырт* (Сыдыкбеков). *Сөздөр токтоп жымжырттык кайра өкүм сүрдү* (Жантөшев). 2. Бир жерге убактылуу байыр алып туруу, түнөө, конуу. *Дон тукумдуу субайлары бир башка, Байыр кылып жашыл бетке токтогон* (Осмонкул). *Асанбай бул колхозго келгенде, көбүнчө Андрейдикине токточу* (Байтемиров). 3. Бир жерге токтолуу, чогулуп туруп калуу, орунтуктап калуу. *Кум токтогон дайрадай, Көйкөлөсүң өзгөчөм* (Барпы). *Аска, зоодо ак кар мөңгү токтогон, Арасында эчки-теке топтогон* (Калык). 4. Өлүп калбоо. 5. Боозуу (малга карата).

**ТОКТОЛ токто** этишинин туюк мамилеси. *Токмоктун келдим шаарына, Токтолуп жердин баарына* (Казыбек).

**ТОКТОМ** Көпчүлүк кабыл алган чечим же өкмөттүн, чогулуш, жыйындын чечими.

**ТОКТОМДУУ токтоо I** менен бирдей.

**ТОКТОМДУУЛУК** Кандайдыр бир ишке сабырдуулук менен мамиле кылган сапат, сабырдуулук, токтоолук. *Токтомдуулук сапаты. Токтомдуулугун көрсөттү.*

**ТОКТОМСУЗ** Токтомдуу эмес, кызуу кандуу, туруксузураак, сабырдуу эмес.

**ТОКТОН** Сабыр кылуу, өзүн өзү токтотуп кармоо. *Максатына жеткен Кычан токтонуп турабы* (Бейшеналиев). *Жийдегүл токтоно алчу эмес* (Сасыкбаев). *Көңүлүм эргип, токтоно албай турам да!* (Жакиев).

**ТОКТОНУУ токтон** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКТОО I** Сабырдуу, оор басырыктуу, токтомдуу. *Андрей оор басырыктуу, токтоо бала* (Сасыкбаев). *Нуркасым салмак менен токтоо сүйлөйт* (Сыдыкбеков).

**ТОКТОО II токто** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКТООЛУК** Оор басырыктуулук, сабырдуулук, токтомдуулук. *Чаргын секретардын алдында токтоолук көрсөтүүгө тырышты* (Сыдыкбеков). *Ачуусу келсе да, Ракыя токтоолук кылып унчуккан жок* (Байтемиров). *Боорукердик, адилеттик, токтоолук – Ар жигиттин эр белгиси деп айтпай* (Маматова).

**ТОКТООСУЗ** Тезинен, ошол замат, кечиктирбестен, дароо. *Ызакулдун чакырыгын уккан Кычан токтоосуз жетип барды* (Бейшеналиев). *Аны токтоосуз түрдө больницага алып жөнөдү* (Каимов).

**ТОКТООСУН** Өзүн токтоо адам катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, өзүн токтомдуу, оор басырыктуу адам катарында көрсөтүүгө тырышуу. *Токтоосунган мүнөз көрсөтүү.*

**ТОКТООСУНУУ токтоосун** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКТОТ токто** этишинин аркылуу мамилеси. *Алааматта акыл-эсти токтотоор Бир айылдан табылбаптыр бир киши* (Маматова).

**ТОКТУ** Козудан өтүп калган кой. *Бул кыштоого токтулар кыштайт* (Жантөшев).

**ТОКТУЧАК** Токту болуп калган козу. *Тогуз кабат торкодон токтучагымдын териси артык* (макал).

**ТОКТУ СУРАМАЙ** Эки жаат болуп отуруп алып ойноочу балдар оюну. *Токту сурамай дегенди биз бала кездерде ойночубуз деди Омор* (Сыдыкбеков).

**ТОКУ I** Атка, унаага ээр токум салып, бекитип, минүүгө даярдоо. *Канчорону чакырып, Ат току деп бакырып* («Манас»).

**ТОКУ II** Эриш-аркак кылып жиптен кездеме, таар ж.б. материалдарды согуу,

илиништирип мээлей, жоолук ж.б. согуу.

**ТОКУЛ** **току** этишинин туюк мамилеси.

**ТОКУЛГА** Атка токула турган ээр, тердик, желдик ж.б. жалпы жыйындысы. *Аттарыңардын токулгасын жакшылап токудуңарбы?* (Жантөшев). *Алтын ээр токулга Жарашабы тору атка* (фольк.).

**ТОКУЛГАЛА** **току I** менен бирдей.

**ТОКУЛГАЛУУ** Токулгасы бар, токулуу. *Токулгалуу ат.*

**ТОКУЛДА** Түрсүлдөө, түкүлдөө, жыгач менен жыгачты урганда чыккан сыяктуу дабыш чыгуу, такылдоо.

**ТОКУЛДАТ** **токулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОКУЛДОО** **токулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКУЛУУ** Ээр токулган, токулгасы бар. *Токулуу турган атын минип, ат короону көздөй бет алды* (Убукеев). *Мамыда байланган токулуу эки ат бар* (Баялинов).

**ТОКУМ** 1. Ээрдин астына токула турган токулга тердик. 2. Бардык токулгасы менен бирге алынгандагы ээр. *Үстүнө токум салбадык, Кунанында кур коюп, Асыйында кармадык* (Бөкөмбаев). *Токумун бүт шыпырып, Атын коё берди дейт* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТОКУМДАЙ** Кичинекей, токумдун бетиндей. *Токумдай жерди бекер калтыргысы келбеген Чаргын таштактын дыңына көз токтоткон* (Сыдыкбеков). *Күн батышан токумдай кара булут көтөрүлдү* (Жантөшев).

**ТОКУН** **току** этишинин өздүк мамилеси.

**ТОКУТ** **току** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОКУУ** **току** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКУУР: ат токуур** 1. *тар.* Кожоюнунун атын токуп, жайгаштырып, ага кызмат кылып жүрүүчү киши. *Ындыбай Калбарактын комузчусу болсо, экинчи жагынан ат токууру да болду* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Атасына жардамчы болуп, ат алып келүү, ат токуу сыяктуу майда-чүйдө иштерине кол кабыш кыла турган бала, жаш өспүрүм.

**ТОКУУЧУ** Токуй турган станокто иштөөчү жумушчу.

**ТОКУУЧУЛУК** Токуучунун кесиби.

**ТОКУШ** **току I** этишинин кош мамилеси.

**ТОКЧОЙ** Кичинекей, тыгырчык, болтогой көрүнүштө болуу. – *Жей кой, токчойгон мээнетиңди алайын* (Таштемиров).

**ТОКЧОЙТ** **токчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОКЧОНДО** Токчойгон кебетеде, кыймыл-аракетте болуу. *Доңкулдак токчоңдоду кулдук уруп, Тобосун токсон ирет айтты туруп* (Токомбаев).

**ТОКЧОНДОО** **токчоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОКЧУЛУК** Тамак-аш, азык-түлүк кенен болгон жетиштүүлүк. *Кыш өкүмү баскан менен кырларды, Элибизде токчулуктун жыргалы* (Осмонов).

**ТОЛ** Толтура болуу, бир нерсе менен толтурулуу, шыкалуу. *Кампадан артып, ороосу, Балам, толгонун айтсак болбойбу?* (Токтогул). *Куба курут, сары май, Идиштер толуп көлдөгөн* (Барпы).

**ТОЛГО** 1. Буроо, кайруу, имерүү. *Жума комузунун кулагын толгой баштады* (Жантөшев). *Кармашкан жоого түшө элек, Чынжырын толгоп үзө элек* (Турусбеков). 2. Буралта чырмоо, сыртынан буралта чулгап, курчоо. Күч колдонуп, кандайдыр бир нерселер аркылуу кыйноо. *Чекесине чүкө толгоду, Чылбыр толгоп айттыруу.*

**ТОЛГОК** **толгоо I** менен бирдей,

**ТОЛГОН** **толго** этишинин өздүк мамилеси. *Долононун учунан, Толгонуп чыккан уюлу* (Жеңижок).

**ТОЛГОН ТОКОЙ** Көп, абдан көп. *Бакендин көңүлүн кымгуут кылган толгон токой суроолор* (Каимов). *Толгон токой жамак сөздөрүн жаадырып коё берди* (КОС). *Толгон токой каалгага баш багып жүрүп ал кишини да таптык.*

**ТОЛГОО I** Төрөт мезгилиндеги ичтин булчуңдары катуу жыйналып мезгил-мезгили менен ооруган абалы. *Тогуз айга толгондо, Толгоо пайда болуптур* («Эр Төштүк»).

**ТОЛГОО II** **толго** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛГОТ** 1. **толго** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Толгоо кармоо, толгоо келүү. *Киндик кесип, кирди жууп, Толготуп эне туулган жер* (Каралаев).

**ТОЛГОТУУ** **толгот** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛЕРАНТТУУЛУК** Башка көз караштарга, көнүмүш адаттарга, жүрүш-туруштарга сабырдуу мамиле жасагандык, кең пейилдик, айкөлдүк.

**ТОЛКУ** 1. Жогору көтөрүлүү, ашып-ташуу, толкун болуу, толкундоо (мис., суу). *Дарыя ташып, деңиз толкуду* (Жантөшев). 2. *өт.* Көңүл көтөрүлүү, эргүү, көңүл чалкып кубануу, толкундоо. *Түрүн көрүп толкудум, Тойгонбай кары баатырды* (Осмонкул). *Ансайын көңүл чарк уруп, Жаш талант толкуп чыңалды* (Бөкөнбаев). *Толку, ташы, көтөрүл да, сапырыл! – Ал кербезиң далай өмүр сурады* (Келдибекова).

**ТОЛКУН** 1. Толкундап, чайпалуудан пайда болгон суунун жалданып өркөчтөнгөн кыймылы. *Көлдүн бети тармалданып катуу толкун көтөрүлө тургандай болуп жатты* (Сасыкбаев). *Толкунду жиреп баратат, Тоо көлдүн сулуу кемеси* (Бөкөнбаев). *Чырак болуп жанган бойдон зор асман, Тогуз кырлуу толкундарга барышты* (Келдибекова). *Толкун улам шарпылдаса*

*шыбырап, Айтматовдун каткырыгы угулат* (Акматалиев). 2. Физикалык чөйрөдөгү термелүү кыймылы. *Үн толкуну. Кыска толкундагы радио берүүлөр.* 3. *өт.* Эпкин, илеп, күү. *Электр тогу сыяктуу күчтүү толкун жүрөгүмдү аралап өттү* (Сыдыкбеков). *Эмгектин толкунунда кулач керген, Кубанып ким айланбайт биздин элден* (Мидин).

**ТОЛКУНДА** 1. Суу бети чайпалып, жалжал болуп, өркөчтөнүп термелүү, толкун пайда болуу, толкуу. *Толкундап көбүк чачып жатат азоо, Запкы жеп ачууланган буурага окшоп* (Үмөталиев). 2. *өт.* Көңүл көтөрүлүү, эргүү, көңүл чалкыган абалда болуу. *Толкундап араң отурган Акман ордунан тура калды* (Сыдыкбеков). *Жылдан жылга толкундап Элимдин күчү чыңдалды* (Осмонкул). *Толгонуп толкундаба сезимдерим, Тагдырга башымды ийген кезим менин* (Бегимкулова).

**ТОЛКУНДАН толкунда** этишинин өздүк мамилеси.

**ТОЛКУНДАТ толкунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЛКУНДОО толкунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛКУНДУУ** 1. Толкун болуп жаткан, толкундаган, толкун көп болуучу. *Толкундуу деңиз.* 2. Белгилүү өлчөмдөгү физикалык толкуну бар. *Кыска толкундуу радиостанция.* 3. Толкундаган, көңүлү көтөрүңкү, шат көңүлдүү. *Шамбеттин үнүндө ачуу ыза аралашкан толкундуу ыргак бар* (Сыдыкбеков).

**ТОЛКУТ толку** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЛМОЧ** Эткээл, толук, болтойгон. *Зуура толмоч келген, кең ийиндүү, кара тору келин эле* (Баялинов). *Сүйлөп жаткан толмоч кызыл жигит – зоотехник Базарбек* (Каимов).

**ТОЛО** Толук, толтура, толгон, бүт. *Толо бою сары алтын. Үй толо эл.*

**ТОЛО БОЮ** *диал.* Бүткөн бою, бүт бою. *Толо бою ок экен. Толкуну кызыл чок экен* («Эр Табылды»).

**ТОЛОРСУГУ КӨТӨРҮЛҮҮ** Чоңоюу, өсүп жетилүү, бой жетүү. *Толорсугу көтөрүлгөн сайын айла, амалы артып, жалтанбас кайрат күтөт* (Бейшеналиев). **В.: Толорсугун көтөрүү.** *Толорсугун көтөргөндө өзүндөй түпкөрүдөн окуса жетет да* (Бейшеналиев).

**ТОЛОРСУГУН КЫРКУУ** Талкалоо, кыйратуу, жок кылуу. *Каракчылардын толорсугун кыркууга дагы бир отряд Нарындан аттанып чыккан* (Бейшеналиев).

**ТОЛОРСУК** Тизенин арт жагындагы, сан эти менен шыйрактын булчуң этин бириктирип турган тарамыштар. *Томпойгон жаш баланын, Толорсугу тешилди* («Эл адабияты»). *Эки өрүм кара чачы толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). *Качырып ийсең кошундан, Топ башы болгон баатырды, Толорсуктан илемин* («Эр Табылды»). *Толорсугун кыркуу.*

**ТОЛОРСУКТА** Толорсуктан алуу, толорсуктан тиштөө (мис. ит жөнүндө).

**ТОЛТО I** 1. Кандын артка жүрүшүнө мүмкүндүк бербей турган жүрөктөгү капкакча. *Толголор бекен жаны ачып, толтосунан өөнөйүн* («Эл адабияты»). 2. Бычактын сабы ашталган жерине кийгизилген металл алкак. *Толтосу коло, шайтан тил канжар* (Сасыкбаев). 3. *диал.* Чөбөгө.

**ТОЛТОГОЙ** Толтойгон, калың, тултугуй. *Толтогой сап. Толтогой бет.*

**ТОЛТОЙ** Долдойгон калың көрүнүштө болуу. *Бычактын толтойгон сабы. Толтойгон эрин.*

**ТОЛТУР** Көлөмдүү нерселердин, идиштин, суу бассейндеринин ж.б. ичин толгон, шыкалган абалга жеткирүү, толук кылуу. *Кана, берериң болсо алып кел, Толтуруп капка салып бер* (Шүкүрбеков). *Ошол жарым көңүл менен ырдап да, Толтураармын бул жашоонун кемтигин* (Мамазаирова). *Дүйнөбүздү толтурууга бөксөргөн, Бизге керек Айтматовдун жардамы* (Акматалиев).

**ТОЛТУРА** Ичи толгон, жык-жыйма, бөксө же аз эмес, толук, көп. *Толтура көмүр жүктөлгөн вагон. Үйдүн ичи толтура эл. Казан толтура суу. Көкүрөгү толтура төш белги.*

**ТОЛТУРТ толтур** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЛТУРУЛ толтур** этишинин туюк мамилеси.

**ТОЛТУРУУ толтур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛТУРУШ толтур** этишинин кош мамилеси.

**ТОЛУ** Толук, толтура, толо абалдагы.

**ТОЛУК** 1. Эткээл, семиз, толмоч. *Жеңе эти толук киши эмеспи, деми кысылат тушту* (Убукеев). 2. Жетиштүү, кем эмес, кемчил же чала эмес, бөксө же аз эмес, толуп турган, жетилген. *Эмгекчинин толук курал шайманы* (Үсөнбаев). *Күнгө күйгөн беттери Толук бышкан алчадай* (Токомбаев). *Жайдын бир толук кезинде, Адырлуу тоонун бетинде* (Турусбеков). 3. Бүт, бүт бойдон, бүтүндөй. *Планды толук аткаруу. Мүмкүнчүлүктү толук пайдалануу.*

**ТОЛУК ЖЫЛ** Февраль айы жыйырма тогузунан жаңырган жыл, 366 сутка 4 кө калдыксыз бөлүнгөн жыл (мис. 1952, 56, 60-жылдар).

**ТОЛУК КАНДУУ** Ар тараптан, абдан мыкты, жеткиликтүү. *Ишти, адамдарды орноштуруудан, жайгаштыруудан, аппараттын толук кандуу иштей башташын камсыз кылуудан баштайбыз* («Кыргыз Туусу»).

**ТОЛУК УЙКАШ** *адаб.* Ыр саптарындагы уйкаштыкты түзгөн сөздөрдүн унгусу да, мүчөсү да окшош тыбыштардан турган уйкаштык.

**ТОЛУК ЭМЕС УЙКАШТЫК** *адаб.* Ырдагы уйкаштык түзгөн сөздөрдүн акыркы муундары (же акыркы үндүүлөрү) гана окшош тыбыштардан түзүлгөн уйкаштык.

**ТОЛУКТА** Кандайдыр бир кемтикти, бир нерсенин жетишсиз жактарын толтуруу, толук абалга келтирүү, толук болушуна жетишүү. *Кара өгүзгө отунду араң жүктөп толуктап* («Эр Табылды»). *Толуктап камдап албаптыр, Тоюткор жем-чөп дандарын* (Үсөнбаев).

**ТОЛУКТАЛ толукта** этишинин туюк мамилеси.

**ТОЛУКТАТ толукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЛУКТАШ толукта** этишинин кош мамилеси.

**ТОЛУКТОО толукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛУКТООЧ** *грамм.* Сүйлөмдүн курамында туруп, кыймыл-аракет багытталган объектини билгизүүчү айкындооч мүчөнүн бири.

**ТОЛУКТУР** *сейр.* Толуктоо.

**ТОЛУКШУ** 1. Толук күчүнө, өңүнө кирген, толгон, тамылжыган абалда болуу. *Толукшуп турган өң кайда, Кыланғыр тамак татпаса* (Токомбаев). *Толукшуп, толуп турган кезегиңде, Толкундап тоо суусундай шарылдайсың* (Бөкөнбаев). 2. Ыргалып, теңселгендей, менменсине мемиреп термелгендей абалда болуу. *Минген аты жалт берип, үстүндөгү Сапарбай, ээрден кулана баштап, толукшуп турду* (Сыдыкбеков). *Толукшуган берениң, Тору чаар минип ыргалып* («Манас»).

**ТОЛУКШУТ толукшут** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЛУКШУУ толукшу** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛУМДУУ: көзгө толумдуу** Көзгө көрүнүктүү, көңүлгө толорлук, сындуу, келишимдүү. *Көзгө толумдуу, көңүлгө токтомдуу жигит.*

**ТОЛУУ тол** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЛЬ** Картон кагазды атайын курамга суу өткөрбөөчү чылап даярдалган, тамдын төбөсүнө жабылуучу же жерге төшөлүүчү материал.

**ТОМ** 1. Жыйнактын бир бөлүгү, бир китеби. *Төрт томдуу роман.* 2. Өзүнчө китеп. *Өздүк китепкана бир нече жүздөгөн томдон турат.*

**ТОМАТ** Тамакка салынуучу жана өзүнчө ичиле турган помидордон эзилип алынган суюк татымал. *Томат кошулган сорпо.*

**ТОМАЯК** Эчтемеси жок кедей, жарды. *Томаяк эрди карып деп, Торго таштап кетпеңер* (Барпы).

**ТОМАЯКТЫК** Кедейлик, жардылык, колунда эчтемеси жоктук.

**ТОМКОР** Түбү менен же чоң кесек бойдон омкоруу, томуруу, оодаруу, төңкөрүү, каңтаруу. *Тоо жактан катуу сел жүрүп, Томкоруп ташты баратты* (Бөкөнбаев). *Майдан томкоруп, нан кесип, чай менен мейманымдын алдына коё салдым* (Касымбеков).

**ТОМКОРТ томкор** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМКОРУЛ томкор** этишинин туюк мамилеси.

**ТОМКОРУУ томкор** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОМОГО** 1. Алгыр куштардын башына каптап кийгизилүүчү кайыштан жасалган баш кап. *Томогосун ала элек, Тоодакка шилпеп сала элек* («Манас»). *Ак шумкарды алды дейт, Томогосун шыпырып, Таманга кагып калды дейт* («Семетей»). *Аккуланы моюндап, Томогону коюндап* («Манас» С.О.).

**ТОМОГОЛО** Томого кийгизүү.

**ТОМОГОЛУУ** Томогосу бар, томого кийгизилген. *Томоголуу бүркүт.*

**ТОМОГОЧУ** *аңч.* Томого бычып, тиккен адам.

**ТОМОГРАММА** Томография аркылуу рентгендик сүрөт.

**ТОМОГРАФ** Томограмма алынуучу аппарат.

**ТОМОГРАФИЯ** Объекттин кабат болуп турган көлөкөсүн рентгенограмма аркылуу көрсөтүүнү изилдөө, рентгендик ыкма.

**ТОМОЛО** Тоголонуу. *Кызыл чок ким экенин биле түштү, Томолоп чаткаякка кире түштү* (Турусбеков).

**ТОМОЛОЙ: томолой жетим** Атасы да, энеси да жок жетим. *Алыкул ар кимдин эшигин сагалап томолой жетим калат* («Ала-Тоо»). *Керээз үч жашка чыкканда энеси өлүп, томолой жетим калат* (Токтогул).

**ТОМОЛОК тоголок** менен бирдей.

**ТОМОЛОКТО тоголокто** менен бирдей.

**ТОМОЛОН тоголон** менен бирдей.

**ТОМОЛОНУП-ЖУМАЛАНЫП** Жыгылып-тура, ашып-шашып. *Аттын артынан томолонуп-жумаланып жүгүргөн Мустафа* (Сасыкбаев).

**ТОМОО** Араң билинүүчү из, билинер-билинбес из, так, белги. *Аттардын изи таштуу жерлерде жоголуп, кумдуу жерде томоосу калып, топурактуу жерде кайра билинип бара жатат* (Жантөшев).

**ТОМООЛО** Элес-булас билүү, араң-зорго байкоо, көрүү.

**ТОМОР I** Тамырынан ачык сары түстүү боёк алынуучу өсүмдүк жана ушул өсүмдүктөн алынган боёк.

**ТОМОР II: тойбос томор** *же* **тойбогон томор** Опкок, кулкулдаган томаяк.

**ТОМПОГОЙ** Томпойгон, томпок. *Томпогой чеке. Томпогой айнек.*

**ТОМПОЙ I** Мүйүздүү ири малдын чүкөсү. *Үйүрө кармап томпойду, Чийинди басып оңтойлуу, Топтошуп турган чүкөнү, Шыкаалап туруп бир койду* («Манас»). *Томпой менен чүкө атуу.*

**ТОМПОЙ II** Уркуюп, төмпөйүп чыгып туруу, томпок абалда болуу, дөмпөйүп жаткан абалда, көрүнүштө болуу. *Балам, аркаңдагы томпойгон эмнең?* (Жантөшев). *Томпоюп чекелери, бет айрылган* (Үмөталиев).

**ТОМПОЙТ** **томпой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМПОК** Төмпөйгөн, томпоюп чыгып турган. *Томпок бет. Оозу томпок. Томпок айнек.*

**ТОМПОНДО** Томпойгон көрүнүштө, эбисыны жок кыймыл-аракетте болуу. *Пилдер келет томпоңдоп* («Манас»).

**ТОМПОНДОО** **томпоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОМПОНДОТ** **томпоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМПОШТО** *диал.* Төмпөштө.

**ТОМПУЛДА** Доңкулдап, жайсыз кыймыл-аракетте болуу, эпсиз локулдаган жүрүштө желүү, басуу. *Томпулдаган басыгы өзүнө жарашат.*

**ТОМПУЛДАТ** **томпулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМСОР** Үн катпай сумсайган абалда болуу, түнөрүңкү, муңайган же мисирейген көрүнүштө болуу. *Бектурган тилден калгандай томсорду* (Токомбаев). *Тойго келген балдар тийсе томпойдой эт жеп, тийбесе томсоруп тим кетүүчү* (Сыдыкбеков). *Жайылган малы болбосо, Томсоруп турган жер жаман* («Мендирман»).

**ТОМСОРТ** **томсор** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМСОРУҢКУ** Үн катпаган сумсайыңкы, муңайыңкы, суз. *Кишилер томсоруңку, көбүнүн кабак-кашы салыңкы* (Сыдыкбеков).

**ТОМСОРУУ** **томсор** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОМТОЙ** *сейр.* Төмпөйүп чыгуу, томпойгон көрүнүштө болуу.

**ТОМУГУУ** **томук** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОМУЙ** Дене бир нерсеге катуу тийгенде, урунганда томпоюп шишип чыгуу. *Бирөөнүн тиши сынып, бирөөнүн чекеси томуйган* («Чалкан»). *Чекеси томуюп шишип кеткен* (Байтемиров).

**ТОМУЙТ** **томуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМУК I** Кашка жилик менен жото жиликтин кошулган жеринин үстүндө, бул жиликтердин булчуңдарын бириктирип турган кичине сөөк. *Чыканактай Агышты, Томукка тартып жиберди* («Манас»).

**ТОМУК II** Үшүгөнүнөн көгөрүп шишип, сенейип калуу. *Томуккан шадыларын эмне үчүн үйлөп калганын сезбей да калды* (Токомбаев). *Томуккан колу-буту сыздап ооруп, уктай албай чабалактап жатып таң атырды* («Ала-Тоо»).

**ТОМУК КАТМАЙ** Мелдешкен эки кишинин бири томукту катып, экинчи киши качан жана кайсы жерде сураса да бере койбосо утулуп калуучу шарты бар оюн.

**ТОМУК ЭТИ ТОЛУУ** Өсүп жетилүү, баралына келүү.

**ТОМУКТАЙ** Кичинекей. *Алыскы тоо чокуларында томуктай булут көрүнбөйт* («Ала-Тоо»). *Томуктай эт жебесе да тамашасын көрүүгө желденгендер көп болот эмеспи* (Жантөшев).

**ТОМУКТУР** **томук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМУКТУУ** Томугу бар. *Тору ала жорго тай минбей, Томуктуу жилик эт жебей, Жөн эле бердим кызымды* («Эр Төштүк»).

**ТОМУР** Чоң кесек түрүндө же түбү менен томкоруу. *Карындан май томуруп, ар бир табакка салды* (Байтемиров).

**ТОМУРАЙ** Томпойгон, дөмпөйгөн кебетеде, дөңкөйгөн токол көрүнүштө болуу. *Ботом, тоо жоголгон урчуктан, Томурайган тумшуктан, оргуп-оргуп чаң чыгат* («Сейтек»).

**ТОМУРАЙТ** **томурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМУРАНДА** Болтойгон көрүнүштө, бойтоңдогон тез кыймыл-аракетте болуу. *Умуттун келиши томураңдап ойноп жүргөн эки баланы да шаттыкка бөлөдү* (Абдукаримов). *Байлоодо жулунуп турган музоо томураңдаган бойдон барды да, энесинин желинин сузуп алды* (Убукеев).

**ТОМУРАНДАТ** **томураңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМУРАНДОО** **томураңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОМУРООН** Акырын, тынч, урушсуз. *Томуроон жатып калалы, Тополоң болбой сактаныып* («Эр Табылды»).

**ТОМУРООН** Урушсуз, талашсыз.

**ТОМУРТ** **томур** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОМУРУЛ** **томур** этишинин туюк мамилеси.

**ТОМУРУУ** **томур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОН I** 1. Иштелген, өңдөлгөн койдун терисинен жүн жагын ичине келтирип жасалган сырт кийим. *Суукка тоңгон кишиге, Кур териден тон кызык* (Осмонкул). *Үй териси тон болбойт, Урушчаак киши оң болбойт* (макал). 2. Жалпы эле сырткы кийим. *Торко тон менен жайкалып, Байбиче жолго салыптыр* («Манас»). *Камка тонун Каныштын, Башына чүмкөй жамынды* («Мендирман»). 3. Баланы азыктандыруу жана зат алмаштыруу үчүн, боюнда бар

аялдын жатынынын ичине жаралуучу орган. *Айша Алымды төрөп, тону түшпөй каза тапты* (Жантөшев).

**ТОН II** Музыкалык үн.

**ТОН БЫЧУУ** *к.* **көлөкөгө тон бычуу.**

**ТОН-ТОБУР** Кышында же суук түшкөндө кийилүүчү сырт кийимдердин жалпысынан аталышы.

**ТОН ТОРУТУУ** Кийим-кечесин тоздуруу, жыртуу. *Ат арытып, тон торутуп келген жигит.*

**ТОНДУК** Тонго, жалпы эле сырт кийимге жарарлык, ага жетерлик, же ошого ылайыктуу. *Тондук тери.*

**ТОНДУУ** 1. Тону бар, тон кийген. *Алардын ичинде ак тондуу, малакай тебетейлүү кыргыздар да бар* (Баялинов). 2. Жакшынакай кийинген, кийген кийими мыкты. *Аш – аттуунуку, той – тондуунуку* (макал). *Алтын тондуу төрөлөрдү талкалап, Эмгек менен орноткондуз улуу бак* (Элебаев).

**ТОНДУУ УУЛ же ТОНДУУ БАЛА** *тар.* 1. Өспүрүм кезинде же жигит курагында келип, башка кишиге уул болгон бала, асыранды, бакма уул. 2. Ошол уруунун толук укуктуу мүчөсү (башка жактан келген эмес).

**ТОНЕР** Жарык-көчүрмө аппаратта басуунун боёгу.

**ТОНИКА** *муз.* Тоналдуулуктун, негизги добуштун аталышын тактоочу негизги тон жана үндөштүк. Добуш катарынын добуштары дайыма тартылуучу борбордук баскыч.

**ТОНИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ** *адаб. к.* **басымчыл ыр түзүлүшү.**

**ТОННА** Метрикалык системада 1000 килограмм оордуктагы салмак. *Биздин колхоздун кой чарбасы өлкөбүзгө ар жылы 128 тонна жүн берет* (Убукеев). *Жылкыбыз канча күч берет, Уйларым тонна сүт берет* (Осмонкул).

**ТОННАЛ** 1. *деңиз.* Кеменин өз салмагына барабар келген, ал кысып чыгарган суунун тонналык өлчөмү. 2. *техн.* Транспорт каражаттарынын транспортто тонна менен жүк көтөрүүчүлүгү, жүк сыйдыргычтыгы. 3. Кандайдыр бир продукциянын салмагы боюнча чыгарылышы.

**ТОННАЛА** Тонна бирдиги боюнча эсептөө, тоннасы боюнча санактан өткөрүү. *Тонналап тартып кийирген, Булуттай аппак пахталар* (Осмонкул).

**ТОННАЛЫК** Тонна бирдиги боюнча жүк көтөрө турган, тонналаган жүк батарлык, же салмагы белгилүү сандагы тонна бирдигине туура келген. *Үч тонналык автомобиль Жүрүп турат оңунда* (Нуркамал).

**ТОННЕЛЬ** **туннель** менен бирдей.

**ТОНО** 1. Бирөөнүн болгон мал мүлкүн талап алуу, чечиндирип, каракtап кетүү. *Бечараларды көз көрүнөө тоноп жаткандыктарын адамгерчилик деп эсептейсиңерби?* (Абдукаримов). *Кембагалдын кийимин, Тоноп алды басмачы* (Барпы). 2. Түлөй баштаган төөнүн жүнүн сыйрып алуу.

**ТОНОГОН НАРДАЙ** Үстүнө үйрүп салар эч нерсеси жок, жылаңач, алдан тайган. *Шордуу Казак адам кейпинен кетип, тоногон нардай болуп сүлдөрү эле калды* (Сыдыкбеков). **В.: Тоногон тайлактай.** *Бир баласын аркалап, бир баласын жетелеп, тоногон тайлактай самсаалап, салбырап, Абыл көч артынан илкий берди, илкий берди* («Ала-Тоо»).

**ТОНОЛ** **тоно** этишинин туюк мамилеси.

**ТОНОО** **тоно** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОНОТ** **тоно** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОНУН ЧЕЧИП АЛМАК БЕЛЕ** Эмне болмок эле, эч нерсе болбос, андан бир нерсе өзгөрүлүп кетпес деген мааниде. *Улуу кишиге салам берип чыксак, биздин тонубузду чечип албас* (Укаев).

**ТОНУС** Органдардын, ткандардын дайыма нормалдуу чыйралып турушу.

**ТОҢ I** 1. Муздаган, муз болуп калган, суук кармап катуу болуп калган абал. *Буудан ат ташыркабайт тоң болбосо (*Барпы). *Жердин тоңу жибиди* 2. Быша элек, бышып жетиле элек. *Тоң алма.* 3. Ийкемдүү эмес сүйлөшүүгө, мамиле жасоого эптүү эмес. *Тоң киши, Тоң мамиле кылуу.*

**ТОҢ II** Үшүү, сууктан муз болуп катуу. *Жамынып жатар төшөк жок, Буттарым тоңуп муз болду* (Токтогул). *Сакал-мурутуна муз тоңо түшкөн экен* (Байтемиров). *Ачкалыктан шайы кетип, Ашуудагы тоңгон төөгө жөлөнүп* (Байгазиев).

**ТОҢ МОЮН** Тил албаган, айтканга көнбөгөн, көңүл коюп иштөөнү каалабаган кежир. *Тоң моюндарын мага айтыңыз* (Жантөшев). – *Кантейин! Ушундай тоң моюн болгонуң жаман* (Каимов). *Ал канчалык аракеттенбесин кожоңдоп тоң моюн* (Бейшеналиев). *Алым ушул болгон соң, Кантип болом тоң моюн* (Токомбаев).

**ТОҢБИЙ** *диал.* 1. Ызгаардуу, катуу. 2. Одоно, орой. – *Мындай тарт десе... деп, апама тоңбий сүйлөп, жемелеп атам да келди* (Касымбеков).

**ТОҢГОК** **тоңголок** менен бирдей.

**ТОҢГОЛОК** Тоңуп калган абал. *Тоңголокто жолго чыгуу. Тоңголок жол.*

**ТОҢГУЗ** *диал.* Тондуруу.

**ТОҢДООСУН** Тоңураак, ийкемдүү эмес, сүйлөшүүгө, мамиле кылууга эби жогураак, ийикпеген коошпогон. *Абалы тоңдоосун тарткан башкарма тиш экөөнүн акедей асыла бергенинен уламбы, акыры жибиген* («Ала-Тоо»).

**ТОҢДУК** Ийкемдүү эместик, бирөө менен байланышып мамиле жасоого анчалык эби жоктук, тоң мамиле. *Чоңдугуман жаңылганым жок, тоңдугуман жаңылдым* («Чалкан»).

**ТОҢДУР тоң** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОҢДУРМА** 1. Жазында эгин себүү үчүн жүргүзүлгөн күзгү айдоо жана ушундай айдоо айдалган жер. *Тоңдурма айдоо.* 2. Кийинки жылы жазында айдалуучу жерлерге каптalып, жайытылып жиберилген кышкы сугат. 3. *диал.* Эртең мененкиге калтырылган бышкан эт, жылытма. 4. *сейр.* Балмуздак.

**ТОҢДУРМАЛА** Жазында эгүү үчүн жерди күзүндө айдап даярдап коюу, айдоонун тоңдурма жолун колдонуу. *Бар болгону 450 гектар гана жер тоңдурмалап айдалды* («Агым»).

**ТОҢДУРМАЛАН тоңдурмала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТОҢДУРМАЛОО тоңдурмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОҢК-ТОҢК** Катуурак же көңдөйүнөн келген жыгачты ичке нерсе менен ургулаганда, токулдатканда чыккан сыяктуу дабышты билдирүүдө колдонулат.

**ТОҢКОБАШ: тоңкобаш атуу** Башынан алыс тоголонуу, оңко-чоңко кетүү, тоңкочук атып жыгылуу. *Арыктан аттайм деп мүдүрүлүп тоңкобаш атып кетти* (Бейшеналиев).

**ТОҢКОЙ** Башы ылдый келип, көчүгү көтөрүлгөн абалда болуу. *Тоңкойгондо Бакайдын, Томук эти бөлүнүп* («Манас»).

**ТОҢКОЙТ тоңкой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОҢКОҢДО** Көчүк жагы көтөрүңкү абалда жылуу, жүгүрүү, кыймыл-аракетте болуу. *Жерди тыңшап желигип, Өөдө-төмөн тоңкоңдоп, Качып жүрөт ээлигип* («Эр Табылды»).

**ТОҢКОҢДОО тоңкоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОҢКОҢДОТ тоңкоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОҢКОЧУК: тоңкочук атуу тоңкобаш атуу** менен бирдей.

**ТОҢКОЧУКТА** 1. Оңко-чоңко атуу, башынан алыс тоголонуу. 2. Тоңкоңдоп жүгүрүү, мөңкүү ж.б. *Башын жерге салыптыр, Тоңкочуктап жер чулгуп, Эти кызып алыптыр* («Манас»).

**ТОҢКОЧУКТАТ тоңкочукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОҢКОЧУКТОО тоңкочукта** этишинии кыймыл атоочу.

**ТОҢКОЮУ тоңкой** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОҢКУЛДАК** Азыгын жыгачтын кабыгынын алдынан, жаракалардан чукуп таап жей турган узун ичке тумшуктуу токой кушу.

**ТОҢКУЛДАТ** Жыгачты же башка катуу нерсени ургулоо, чабуу аркылуу күңүрт дабыш, үн чыгаруу, тоңк-тоңук эттирүү. *Тоңкулдатып токмоктоо.*

**ТОҢУРАЙ томурай** менен бирдей.

**ТОҢУРАНДА томуранда** менен бирдей.

**ТОҢУУ тоң** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОО** 1. Айланадагы жерден же дөңсөөлөрдөн алда канча жогору көтөрүлүп турган бийиктик. *Аркар, кулжа жайлаган, Тоосу сонун биздин эл* (Осмонкул). *Көрүнгөн тоонун ыраагы жок* (макал). *Тоолор, тоолор, Ала-Тоодой Айтматов, Өтөөрбүз биз Жер жүзүнө жар салып* (Акматалиев). 2. Кандайдыр бир нерселердин көп болуп чогултулган, үйүлгөн абалы. *Тоо-тоо болгон кызылча.*

**ТОО ЖАМЫНЫП** Тоо аралап, тоого далдаланып, тоону байырлап. *Тоо жамынып каракчы, баскынчылыкка өткөндөр бар. Ал эми тоо жамынган каракчылардын толорсугун кыркууга Нарындан атайын адамдар аттанып чыккан* (Бейшеналиев).

**ТОО САГЫЗ** Коюу сөлдүү каучук берүүчү тоо өсүмдүгү.

**ТОО ТЕКЕ** Жапайы эчкинин эркеги.

**ТОО ЭЧКИ** Жапайы эчки. *Тоо эчкилер кыраңды көздөй безип бара жаткан экен* (Сасыкбаев).

**ТООДАК** Мойну узун, катуу жүгүрө алган, аңчылык кылынуучу чоң талаа кушу. *Табына келсе ак шумкар, Тоодакты көрсө теминет* (Осмонкул). *Тоодагы боздо топтогон, Чөптүн гүлүн оттогон* (Тоголок Молдо).

**ТООДОЙ** Абдан чоң, ири, көлөмү жагынан эбегейсиз зор. *Чөптү тоодой көп кылган, Төгөрөгүн чеп кылган* (Тоголок Молдо). *Эти тоодой, Ысык-Көлдөй чык болор* (Токомбаев). *Ашырдын кубанычы тоодой болгон эле* (Сасыкбаев).

**ТООЗУН** *диал. туурасы:* **торсун.** Там үйдүн устуну. *Айрык жеңден көрүнгөн, арык чыканак сымал тоозундарынын учтары алды-кийин оркоюп, шыбынын камыштары мастын чачындай туш келди самтырайт* (Касымбеков).

**ТООК** Жумуртка алуу жана эт үчүн багып өстүрүлүүчү үй кушу. *Аппак тооктор жөжөлөрүн ээрчитип, оттоп жүрөт кужулдашып кыдыңдап* (Токомбаев). *Бирөөнүн тоогун жесең, канжыгасына каз байла* (макал). 2. Мүчөлдүн онунчу жылы. *Тоок жылы туулган.*

**ТООККАНА** Тоок түнөөчү жай, кепе.

**ТООКЧУ** Тоок багуучу, өстүрүүчү, үй канаттууларын багуучу адам.

**ТООЛУК** Тоодо туруучу, тоодо жашаган адам. *Тоолук шаңдуу балдарга, Тоо тулпарын мингиздиң* (Бөкөнбаев).

**ТООЛУУ** Тоосу бар, тоосу көп, тоолор менен курчалган. *Тоолу жер карсыз болбос* (макал). *Тогуз-Торо жерлерин, Тоолуу бийик белдерин* (Тоголок Молдо). *Тоолуу жергем токтоду да тушума, Толгоп жатты тогуз түрлүү добушун* (Келдибекова).

**ТООМ** Жолдордун ар тараптан келип кошулган жери. *Биз жаңыдан жол тоомуна келгенде, Шыңгыр обон сөздү бөлдү, караттты* (Токомбаев).

**ТООМДУУ** Тоому бар, тоому көп, түйүндүү.

**ТООН** Баш ийүү, багынуу.

**ТООНУ ТОМКОРУУ** Иштин майын чыгара иштөө, колунан кандай гана иш болбосун бүткөрүп салуу. *Силердей болсом тоону томкоруп, иштин жүрөгүн түшүрбөс белем, – дейт* (Токомбаев).

**ТООНЧОР** **тончор** менен бирдей.

**ТООП** 1. *дин.* Ыйык, касиеттүү жерлерде болуп, ага сыйынуучулук табынуучулук. *Карагаттай кайран көз, Камчы бою жаш кеткен. Тооп кылып чыркырап, Токтобой ыйлап буркурап, Эгемден сурап баланы* («Манас»). 2. Кадырлап урмат көрсөтүүчүлүк. *Катын түгүл, эркекке тооп кылып койчу эмес* («Манас»). *Тооп кылып жүрүүчү* («Семетей» С.К.). *Атамды көрөр менен тооп этпей, Карайнын энди кантип деди жүзүн* («Эл адабияты»). *Ал акырын эңкейип, акылман капыздын этегине тооп кылды* (Касымбеков).

**ТООРАК** Кара теректин бир түрү.

**ТООРАТ** *дин.* Муса пайгамбарга Кудай тарабынан келген китептин аты.

**ТООРУ** 1. Тегерене басып андуу, аңдып артына, изине түшүү; аңдып, имерчиктеп байкоого алуу. *Бир бөдөнө көрүп, ошону тоорудум* (Жантөшев). *Жума кыштан бери биздин үйдү тооруду да калды* (Жантөшев). 2. Ордо ойнунда чийинге жакын турган чүкөнү тышка чыгара, абалагын болсо ичке калтырууга аракеттенип атуу.

**ТООРУК** *сүйл.* 1. Кандайдыр бир буюмду, мүлктү ж.б. эл алдында кыйкырып жогорку баа төлөгөн кишиге сатуусу соода, аукцион. 2. *сүйл.* Конфискация, конфискациялоого туш келген абал. *Тооруk болгон киши. Тооруk кылуу. Малы тооруk болуу.*

**ТООРУК КЫЛУУ** Карыздар адамдын, карызын төлөй албаган адамдын малын, мүлкүн эл алдында кыйкырып сатуу. *Торгоду болуш сөзүңдү, Тооруk кылды өзүңдү* (Тоголок Молдо).

**ТООРУКТА** 1. *сүйл.* Тоорукка сатуу. 2. *сүйл.* Конфискация кылуу, конфискациялоо.

**ТООРУКТАЛ** **тоорукта** этишинин туюк мамилеси.

**ТООРУЛ I** 1. Алыстан абай салган чалгын, душмандын чегин тооруган (айлана бастырып) чалгын. Жалпы эле чалгын маанисинде да айтыла берет. *Тоорулга жүрсө жол болгон* («Манас» С.О.). *Тоорулдан эрдик кылган деп, Тоо кыргызы мактасын* («Эр Табылды»). 2. Кароолго чыгуу, багуу, көзөмөлгө алуу, байкоо. *Кору чубар көп бээден, Тоорулга минер ат туубайт* («Эл адабияты»). *Тоорулдагы төрт баатыр, Карап жатты, таң атты* («Эр Табылды»). 3. Айыл тооруп жүргөн (ууру) киши. *Кайгуул эмес тоорулдун, Караанын көрсө тепсеген* («Эл адабияты»).

**ТООРУЛ II** **тооru** этишинин туюк мамилеси.

**ТООРУЛЧУ** Чалгынга, кароолго чыгуучу киши. *Тоорулчубуз келди деп, Толук кабар берди деп* («Эр Табылды»).

**ТООРУМАЙ** Тоорун алдын агылгалоо абалы. *Атаңке бул өлүм, Тоорумай салып жетиптир* («Эр Төштүк»).

**ТООРУМАК** Ордо оюнунда чийинге жакын турган чүкөнү тооруп сыртка чыгара, томпоюн, абалагын ичке калтыра атууга аракет кылуу абалы, кырдаалы. *Тоорумак тооруп атканда, Ичке түштү зор Манас* («Манас»).

**ТООРУНКАЙ** Баш мээде тасма мите курттардын пайда болуусунан келип чыккан малдын, көбүнчө кой-эчкилердин кежең оорусу, айлампаш, көк мээ оорусу. *Тоорункай болуп өлүү.*

**ТООРУТ** **тооru** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТООРУУ** **тооru** этишинин кыймыл атоочу.

**ТООРУШ** **тооru** этишинин кош мамилеси.

**ТООС** Азиянын түштүк жактарында жашоочу, кооз жүндүү, куйругун чачырата жазып жиберүүчү куш.

**ТООТ** Теңине алып көңүл буруу, теңсинген же теңсинбеген мамилесин билдирүү, кандайдыр бир таасирди сезүү. *Тогузуң бирге мен жалгыз, Тоотсом бүгүн оңбоймун* («Мендирман»). *Гулайым мени тоотобу, жокпу?* (Бейшеналиев). *Чилде ызгаарын тоотпой, Чыңайлы булчуң денени* (Осмонкул).

**ТООТМЕК** **жоолук таштамай** менен бирдей.

**ТООТМОКСОН** Теңсинбеген, маани бербеген сыяктуу түр көрсөтүү, көңүл бурмаксан болуу.

**ТООТПОСТУК** Теңсинбегендик, этибарга албоочулук, маани берип көңүл бөлбөөчүлүк.

**ТООТПОЧУЛУК** **тоотпостук** менен бирдей.

**ТООЧУЛ** Тоодо жүрүүнү сүйгөн, тоону жакшы көрүүчү. *Теке – тоочул, коён – коңулчул* (макал).

**ТОП I** Катуу бир нерсеге урулганда серпилип ыргып кетүүчү, ичине аба толтурулган же туташ тоголоктолуп көбүнчө резинадан жасалган шар. *Топ ойноо. Футболдун тобу.*

**ТОП II** Бозону сүзүп алгандан кийинки калган шак. *Ачыган шактын сүзгөн топтун жыты каңырсып, түз эле каңылжарга урат* (Касымбеков).

**ТОП III** 1. Адамдардын, айбандардын, өсүмдүктөрдүн жана башка ар түрдүү нерселердин бири-бирине жакын же чогуу

турган жыйындысы, тайпасы. *Өйүздөн ат койгондо калдайган топ, Солдаттар жалгыз ок да чыгарган жок* (Токомбаев). *Үркөр, үркөр, топ жылдыз, Үркүп кайда барасың* (Тоголок Молдо). 2. Такталап түрүлгөн кездеменин түрмөгү. *Эки топ кездеме. Бир топ нооту.* 3. *тар.* Жыйын, чогулуш, кеңешме. *Балам бар деп мактанба, топто бирөө жок болсо* (макал). *Күндө жыйын, күндө топ кыла берип элинин кулагы сөздөн жадаган окшобойбу* (Убукеев).

**ТОП IV** Бир нерсеге тийгенде же урунганда дабыш таралбай чыккан үндү билдирүү үчүн колдонулат. *Кузүндө чыныдай апорттор топ-топ түшүп турбаса мага кел* (Сыдыкбеков). *Ак боз ат, ээси топ этип түшөр менен, жалт берип жөнөдү* (Сасыкбаев). *Миңбай жай бак түбүндө басып жүрөт, Топ этип бышкан жемиш жерге түшөт* (Абдыраманов).

**ТОП V** Сын атоочтордун топтолук, топтолтура сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТОП БАШЫ** Коомдо жетекчилик ролду аткарып, эл башкарган бийлик башындагы адам (жергиликтүү администрациядагы чин катарында) топтун башынан карап турган киши.

**ТОП БУЗГАН** Эң мыкты, белгилүү, көрүнүктүү, даңазалуу. *Топ бузган жорго. Тоголок Молдо өзгөчө, топ бузган карыянын муңдуу кайраттуу чакырык таштаашында терең сыр бардыгын баамдады* (Бейшеналиев). **В.: Топ жарган.** *Топ жарган акын.*

**ТОП ТАШ** Майда таштарды калчап ойноочу оюн.

**ТОПКО САЛ** Жыйынга кеңешмеге талкууга алуу, көпчүлүктүн оюна, чечимине коюу. *Кырбашты топко салышат.*

**ТОПО** 1. Топурак. *Топосу тоодой чачылды, Тозоң учуп басылды* («Манас»). *Ушаң дөө калды жыгылып, Топого башы тыгылып* («Манас»). *Тыбырчылап топого, Сойлогон жерим кең Талас* («Сейтек»). 2. Мүрзөнүн топурагы.

**ТОПОГРАФ** Топография боюнча адис.

**ТОПОГРАФИЯ** 1. Картага же планга түшүрүү максатында жер бетин өлчөөнүн методдорун үйрөнүүчү геодезиянын бөлүмү. 2. Кандайдыр бир өлкөнүн же жердин үстүңкү бети жана андагы бөлүктөрдүн, пункттардын ара жайланышы.

**ТОПОГРАФИЯЛЫК топография** дегенге таандык.

**ТОПОЗ** 1. Бийик тоолуу жерлерде багылуучу узун жүндүү, мүйүздүү, кепшөөчү айбан. *Топоз кышында башка малдай колду карабайт* (Абдукаримов). 2. *өт.* Көрксүз, копол, маңыроо чалыш. *Кайран келин байдын топоз уулуна кор болгон тура* (Сыдыкбеков).

**ТОПОЙ** Кичинекей бойтойгон төмпөйгөн көрүнүштө болуу. *Топойгон бала. Топойгон тоо.*

**ТОПОЙТ топой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПОЛ** 1. Чолок, мултугуй, кыска. *Жал куйруктан айрылсак, Топол болуп калаарбыз* («Сейтек»). 2. Кыска, чолтойгон тар (кийим жөнүндө).

**ТОПОЛОҢ I** Койдун жапырт оорусу.

**ТОПОЛОҢ II** Баш аламан, тартипсиз, кымгуут абал, дүрбөлөң. *Мунуңар эмне? Тополоң болуп кайда ташынып жатасың?* (Абдукаримов). *Тойдун көрку сөз болот, Тополоң түшкөн эл болот* (Калмырза).

**ТОПОЛОҢДО** Дүрбөлөңдөө, чакчелекей түшүү, ызы-чуу болуу, кымгуут түшүү. *Вагондун тиги эшиги тараптан тополоңдогон бир топ аял, эркектин үнү угулду* (Жантөшев). *Тополоңдоп жарышып, Тойго келди, карачы* («Эр Төштүк»).

**ТОПОЛОҢДОО тополоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПОЛОҢДОТ тополоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПОЛОҢДУУ** Тополоңдогон, чыр-чатактуу, жоболондуу.

**ТОПОЛОҢУ ТОЗ БОЛУУ** Азып-тозуп дайны чыкпай кетүү, чачылып, бөлүнгөн абалга келүү. Талкалануу, кыйроо. *Турпанды көздөй качканда, Тополоңу тоз болуп* (Турусбеков). *Оболку дарты козголду, Тополоңу тоз болду* («Манас»).

**ТОПОЛОҢЧУ** Тополоң чыгаруучу, дүрбөлөңчү. *Кечээ Кожо-Абаддан тоң моюндук кылышып, чатак чыгарышканда аскерлер тополоңчулардын сазайын аябай беришиптир* (Абдукаримов).

**ТОПОН** Эгиндин бастырылгандан кийинки данынан бөлүнүп чыккан кабыгы, майдаланган сабактары ж.б. калдыгы. *Тигил ойдо комбайн күжүлдөп, топон учурат* (Сыдыкбеков). *Кырмандар толгон кызылдын, Топону тоодой үйүлүп* (Нуркамал).

**ТОПОН АЯК** Жарды, колунда эчтемеси жок кедей.

**ТОПОН БАШ** Мээси жок, акылы аз, келесоо, акылсыз.

**ТОПОН СУУ** Диний түшүнүк боюнча адамдардын күнөөсү үчүн кудай жазалап бүт дүйнө жүзүн каптаган сел, суу ташкыны. *Топон суу жетпес Бээжинге, Токтобой кыргын салам деп* («Манас»). *Топон суу тоздоп кирбеген* («Семетей» С.К.).

**ТОПОНДО** Топонун бөлүү, топонду ажыратуу.

**ТОПОНДОО топондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПОҢДО** Тойпоңдоо, кичине, толук, тойпоңдогон кыймыл-аракетте болуу. *Торпок минип топоңдоп, Толгон бала чогулду* («Манас»).

**ТОПОНИМИКА** *линг.* Тил илиминин географиялык аттарды үйрөнүүчү бөлүмү.

**ТОПОНИМИКАЛЫК топонимика** деген-

ге таандык. *Топонимикалык изилдөөлөр.*

**ТОПОНИМИЯ** *линг.* Белгилүү бир аймактагы географиялык аттардын жыйындысы.

**ТОПОНДОО топондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПОНДОТ топондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПОНДОШ топондо** этишинин кыймыл атоочу. *Тоюңа тоюп алган соң, топоңдошту салыппыз* («Манас»).

**ТОПОР I** 1. Жарды, колунда эчтемеси жок жакыр. *Мал жайганды билбеген топор койдун баарын кырып таштады* (Токомбаев). *Ай сайын алым жөнөтүп, Топор боло жаздадык* («Семетей»). 2. Чобур, тукур. *Жамал алында мунун жоргосун көр топордун* (Сыдыкбеков).

**ТОПОР II** Кырчаңгы, арык, начар. *Карачты зорго көтөрүп, Качырдай топор арсайып* («Эл адабияты»).

**ТОПСО** *диал.* Каалганын, терезенин ж.б. ачылып-жабыла турган бөлүгүн бириктирип турган тегеренме текир, эшиктин туруму, ашык-машык.

**ТОПТО** 1. Чогултуу, үйүштүрүп жыйноо, бир жерге жыюу. *Топтогонбу бир жерге, Түйгөнбү бир түйүнгө* (Үмөталиев). 2. Бир топко бириктирүү, баш коштуруу, айланасына көп санда чогултуу, жыйноо. *Партиябыз түрдүү улуттун баарысын, Бир кишидей аймагына топтогон* (Осмонкул).

**ТОПТОЛ топто** этишинин туюк мамилеси.

**ТОПТОО топто** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПТОТ топто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПТОШ топто** этишинин кош мамилеси. *Топтошуп чыгып аралаш, Тозоттуу жерден чубашкан* (Казыбек).

**ТОПТОШТУР** Топтоо, топ-топ кылып бөлүү, жыйнап чогултуу.

**ТОПТОШТУРУУ топтоштур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПТОШУУ топтош** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПТУУ** Өзүнчө бир коллективи, тобу бар, группалуу, тууган-туушканы көп, жоро-жолдоштуу. *Жалгыз келген баланы, Топтуу кылдым кырк жигит* («Эр Табылды»).

**ТОПУ** Жука тигилген жеңил баш кийим. *Сайма топу. Ала топу. Кызыл топу* (Ашубаев).

**ТОПУ КАТМАЙ** Балдар оюну.

**ТОПУК КЫЛУУ** Канааттануу, канаат кылуу, ыраазы болуу. *Топук кылып Элик абдан кубанды, Колун жайып, алкоо сөзү уланды* (Баласагын). *Деги тоюшпайт. Өздөрү топук кылбаса, мен кантип тойгузам* (Касымбеков). *Топук кылбай алпарчу топон сууга, Жер үстүндө бир гана адам экен* (Акбаров).

**ТОПУКСУЗ** Каниети жок, нысапсыз, каниет кылбаган, наинсап.

**ТОПУКТУУ** Нысаптуу, каниети бар, каниет кылган, сугалак эмес.

**ТОПУЛДА** Топ-топ этип түшүү, топ-топ эткен добуш чыгуу. *Топулдап жемиш түшөт шак чүмкөгөн, Ойготот таңга маал булбул сайрап* (Абдыраманов).

**ТОПУЛДАТ топулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПУЛДОО топулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПУР I: топур-топур** Тапыр-тапыр эткен, топураган, котологон дабышты билдирүүдө колдонулат.

**ТОПУР II** *диал.* Топурак.

**ТОПУРА** 1. Көп санда баш аламан тартипсиз абалда болуу. *Секретардын конторасынын ичи топураган бир топ эл экен* (Элебаев). 2. Дабыраган дабыш чыгаруу, опур-топур дабыш чыгуу. *Ташкенден көчүп топурап, Көкөтөй малы айдалды* («Манас»).

**ТОПУРАГЫ ЖЕҢИЛ** Жалаага жакын, сөзгө бат илээше турган. *Топурагы жеңил жаным. Эмнени уктум ыя?* (Садыбакасов).

**ТОПУРАГЫ ТОРКО БОЛСУН!** Өлгөн адамды көмгөндө, аны эскергенде жаткан жери жайлуу болсун деген мааниде кайрат айтуу, жакшы тилегин билдирүү максатында айтылат. *– Эх, кайран абышка... Топурагың торко болсун эми. Айла канча! – деген сөздөр жаады* («Чалкан»).

**ТОПУРАГЫН БИР ЖЕРДЕН АЛГАН** Кылык-жоругу, жүрүм-туруму жана башка сапаттары боюнча өтө окшош, бирдей. *Асан менен Абылдын топурагын бир жерден алса керек* («Ала-Тоо»).

**ТОПУРАГЫН ТҮЙҮП БЕРҮҮ** Абдан көңүл калды болуу, таптакыр жүз көрүшпөй турган абалга жетүү, бири-биринен кечүү, кол үзүшүү. *Мени энеликке санасаң, бул оюңду ташта, болбосо топурагымды түйүп берем* («Ала-Тоо»). *Андай болсо топурагыңды түйүп бер! – деп кыйкыра баштады* («Чалкан»).

**ТОПУРАК** 1. Жер кыртышы жердин өсүмдүк өсүүчү үстүңкү катмары, турпак. *Кара топурак. Көпшөк топурак. Чополуу топурак.* 2. Территория, аймак. *Фергана топурагынан чыккан басмачылар* («Эркин Тоо»). *Унутсаң унут мени, о жан балам, Унутпа Ата Журттун топурагын!* (Бегимкулова).

**ТОПУРАК БУЮРУУ** 1. Үй-бүлөдөгү жакын адамдардын көз алдында өлсөм деген каалоону билдирүү. *Балдарымдан топурак буюрса болду.* 2. Өз эле, өз жеринде, туулуп өскөн жеринде каза болуу, өлүү. *Согушка кеткен азаматтар аман-эсен кайтып, өз эл, өз жеринен топурак буюрсун, – деди керим карыя* (Мавлянов). *Өз эл, өз жерибиз-*

*ден топурак буюрсун, – деп чоң эне жакасын карманды* («Ала-Тоо»).

**ТОПУРАК САЛУУ** 1. Өлгөн кишини көмгөндө аны менен акыркы коштошуу белгиси катарында, мүрзөсүнө топурак таштоо, биротоло коштошуу. *О-о жалгызым, маа топурак салып кой* (Байтемиров). *Каза жетип, күн бүтсө, Топуракты ким салат* (Жантөшев). 2. Мамилесин, байланышын үзүү. *Каныбек молдолорго топурак салып, эшендерден небак түңүлгөн* (Жантөшев). *Топурак салганым ушул.*

**ТОПУРАКТАН ТЫШКАРЫ БОЛУУ** Тирүү жүрүү, аман болуу. *Топурактан тышкары болсом, дайыма жаныңда болом* (Жантөшев).

**ТОПУРАТ топура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПУРЛА топура** менеи бирдей.

**ТОПУРОО топура** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПУЧАН** Топу кийген, башында топусу бар. *Далбай тонун желбегей жамынып, топучан отурган* (Байтемиров).

**ТОПЧАН** Жөнөкөй жыгач керебет.

**ТОПЧУ I** Кийимдин топчулугуна илип бүчүлөп туруучу, сөөктөн, металлдан же башка нерседен жасалган бүчүлөгүч. *Мүйүз топчу. Седеп топчу. Торгой сайрайт көк каданган топчудай, Бүгүн бизге жаз, саратан келди деп* (Закирова).

**ТОПЧУ II** *эск.* Замбирек атуучу, замбирекчи.

**ТОПЧУ БАШ** Башы топчудай төгөрөк болгон куурай өсүмдүк. *Башка өсүмдүктөрдөн топчу баш бар* (Сыдыкбеков).

**ТОПЧУЛА** Кийимдин топчуларын бүчүлөө, топчуну топчулуктан өткөрүү. *Топчулап чепкен кийгизип, Токумдап чыңап төштөрүн* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТОПЧУЛАН топчула** этишинин өздүк мамилеси.

**ТОПЧУЛАНУУ** Топчуланган, топчуланып коюлган. *Баланын кийимдери топчулануу бойдон.*

**ТОПЧУЛАТ топчула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОПЧУЛАШ топчула** этишинин кош мамилеси.

**ТОПЧУЛОО топчула** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОПЧУЛУК** Топчу өткөрүү үчүн жасалган узунча тегерете тордолгон көзөнөк. *Акман топчусун топчулуктарынан чыгарып, ак калпактын алдын кайрып коюучу* (Сыдыкбеков).

**ТОПЧУЛУКТУУ** Топчулугу бар, топчулук салынган.

**ТОПЧУЛУУ** 1. Топчусу бар, топчусу көп. 2. Топчуланган, топчуланып коюлган.

**ТОР I** Балык, куш ж.б. кармоого ылайыкталып кереге көз сыяктуу кылып жасалган, же жөн эле тордоп согулган, жасалган нерсе. *Кушту мээнет чырмаса, Жердеги торго чалынат* (Токтогул). *Балыкчылардын тору толуп чыкты. Салтчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул).

**ТОР II** *сүйл.* Тору. *Тор жорго. Тор кашка.*

**ТОР III: тор талаа** Абдан кенен, кең талаа, кайык талаа.

**ТОРБО дорбо** менен бирдей.

**ТОРГО** Алдынан тороп тосуу, алдыга басууга, жүрүүгө мүмкүндүк бербөө, жолтоо болуу, тоскоолдук кылуу. *Бугимов да ордунан бачым тура калып, Акимдин алдын торгоду* (Сасыкбаев). *Койгун десем болбодуң, Алдыман чыгып торгодуң* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Жармашуу, илээшүү, чырмоо, тооруу. *«Көк көйнөк» ага болбоду, Көк үйду улам торгоду* (Тоголок Молдо). *Кырсык бизди торгоду, Жырткычтар бизди койбоду* (Тоголок Молдо).

**ТОРГО ТҮШҮҮ** Бирөөнүн алдоосуна кирүү, амалдуу аракетине кабылып, чыга албай калуу. *Мобу ак пери кандай болбосун торго түшүү керек, – деп Капар ичинен кымпыйып койду* («Ала-Тоо»). **В.: Торго чалынуу.** *Ошо оңбогон бийкечке барам деп торго чалынып калыптыр* (Осмоналиев).

**ТОРГОЙ** Көбүнчө талаада жашоочу, чымчык түркүмүнө кирүүчү кичинекей сайроочу куш. *Бото-Мойнок, Кара-Суу, Боз торгой сайрап ызы-чуу* (Үсөнбаев). *Торгою чөлдө сайраса, Тоосунда улар бакырат* (Казыбек). *Тиги маңдайдагы адыр тараптан торгойдун чулдурап сайраган үнү угулду* (Абдукаримов).

**ТОРГОЙ КӨЗДӨЙ** Кичинекей (тешик жөнүндө) *Жылчык жок эч жеринде торгой көздөй* («Ала-Тоо»).

**ТОРГОЛ торго** этишинин туюк мамилеси.

**ТОРГОО торго** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРГОТ торго** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРГУН** Жибек кездеме, бышык жибек. *Кырк беш төөгө мал жүктөп, Кызыл алтын зар жүктөн, Торгун, тубар бул менен, Алтын шибен кул менен* («Манас»).

**ТОРДО** Бүчүлүктүн четин илмектеп сайып тигүү менен бекитүү же бир нерсенин жыртыгын, тешигин жипти каршы-терши өткөрүп бүтөө. *Жибек жиптин кызылы менен тордогон* (Сыдыкбеков).

**ТОРДОЛ тордо** этишинин туюк мамилеси.

**ТОРДОМО** Сокмо, көзөнөк-көзөнөк болуп согулган. *Тордомо жоолук салындым, Толгонуп сени сагындым* («фольк.»).

**ТОРДОМО КООН** Кабыгы майда-майда чачыраган тор сыяктуу коондун бир сорту. *Коондору чылк тордомо, дүңкүйгөн, Шириндиги, даамы кетпейт тилиңден* (Маликов).

**ТОРДОО тордо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРДОТ тордо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРКО** Жука жибек кездеме, ошол кездемеден жасалган сырт кийим. *Торко тон кылдым кийгизгин* («Манас» С.К.). *Минерине жорго алып, Миң дилделик торко алып* («Манас» С.О.). *Топчулуктуу торко тон, Нур кызындай болжосоң* («Эл адабияты»). *Тотудай боюм сыналып, Торкону кийдим жылтылдап* (Осмонкул). *Торко тон менен жайкалып, Боз жорго менен чайпалып, Байбиче жолго салыптыр* («Манас»).

**ТОРКО ЭЛЕК** Көзчөлөрү өтө майда элек.

**ТОРЛО тордо** менен бирдей.

**ТОРМОЗ** Кандайдыр бир машинанын, поезддин ж.б. жүрүшүн акырындатуу же токтотуу үчүн колдонулуучу жабдык.

**ТОРМОЗДО** Тормоз берүү, тормоз берип токтотуу.

**ТОРМОЗДОО тормоздо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРО** 1. Алдынан утуру чыгып жолун тосуу, торгоо. *Алыстан эле ызы-чуу болуп бир топ ит жолубузду тороду* (Абдукаримов). – *Кайда барасың баатыр? – деди Бермет абышкасынын жолун тороп* (Сыдыкбеков). 2. Тооруу. *Кырсык торосо каш-кабактын ортосунан да чыгат эмеспи?* (Сыдыкбеков). *Эгер тагдыр буйруп койсо, Ажал мени торосо* (Нуркамал).

**ТОРОЙ** Серейип жыгылып жаткан көрүнүштө болуу, буту-колу буулгандай жыгылып түшүү. *Жедигердин арык ат, Такыр өлүп торойюп* («Сейтек»).

**ТОРОЙ ЧАЛУУ** *же* **БУТТАН ТОРОЙ ЧАЛУУ** Күрөштө жыгуу максаты менен күрөшүүчүлөрдүн бири экинчисин бутун оролто имерүү, бутунан орой, имере чалуу. *Коюн колтук алуучу, Толорсугун тайдырып, Томуктан торой чалуучу* (Тоголок Молдо). *Торой чалып күрөштө, Жыгармын деп ойлодум* (Бөкөнбаев).

**ТОРОЙТ торой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРОЛ I** Өсүү, чоңоюу, өсүп чыңалуу. *Гүлайым улам убакыт өткөн сайын торолуп, чыңалып, күрчүй берди* (Бейшеналиев). *Тогуз ай, он ай көтөрүп, Торолуп эне тууган жер* (Казыбек).

**ТОРОЛ II торо** этишинин туюк мамилеси.

**ТОРОЛТ торол** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРОЛУУ торол** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРОМОЛ** *сейр.* Торолуп, тосулуп коюлган тосмо, жолтоо, бөгөт, торгоо.

**ТОРОО I торо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРОО II торгоо** менен бирдей.

**ТОРОПОЙ** Чочконун баласы. *Тоюп алса боткого, Топчу тумшук торопой, Оюнга кетет тойпоңдоп, Энесине жолобой* (Токомбаев). *Бөжөгүнө коён да өмүр тилейт, Торопоюн чочко да өлбөсө дейт* (Үмөталиев).

**ТОРОТ торо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРПЕДА** Суу алдында өзү жүрүүчү мина жана авиациялык өзгөчө бомба.

**ТОРПОК** 1. Уйдун алты айдан бир жашка чейинки музоосу. *Акбар торпоктордун сарайын көздөй басты* (Убукеев). 2. Бир жашка чейинки аюунун баласы. 3. *өт.* Эчтеме билбеген наадан, маңкөш. *Бир күнү Орусбек ыйлап келди. – Э, эмне ыйлайсың? – деди атасы. – Окуган балдар мени шылдыңдашат. – Эмне деп? – Окубаган.. торпок дешет* (Сыдыкбеков).

**ТОРПОККАНА** Торпок багылуучу сарай, жай. *Окуучулар торпокkананы тазалап, жем-чөп салышат* (Ашымбаев).

**ТОРПУ** Кокту, колот. *Бир ашууну ашышты, Бир торпуну басышты* («Эл адабияты»). *Торпусуна тоолордун, Түрүлтүп чарба мал жайып* (Калык). *Тоо кийиктер кара зоонун тескейиндеги көк ала торпуну ээлешип, улактарын эрмектешет* (Токомбаев).

**ТОРПУЛА** Торпуну бойлой жүрүү, торпу менен жүрүү. *Торпулай жүр. Торпулай бастыр.*

**ТОРС** Бир нерсени, мисалы, тонду, тулупту чыбык же башка нерсе менен ургулоодон, чапкылоодон чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Сук молдо, сен сумсайба, Торс эттирип бир чаап, Урамын деп кумсарба* (Барпы).

**ТОРС АЯК** Чобур, начар ат. *Куу канжыга күлүктүн, Торс аяктап неси артык* (Калыгул).

**ТОРСОГОЙ** Тырсыгый, ичине жел толтуруп үйлөнгөн немедей тоголок тартып турган, торсойгон.

**ТОРСОЙ** Тоголок тарткан көрүнүштө, капшыты чыгып тырсыйган көрүнүштө болуу. *Торсойгон тору кулун керилген кунан болду* (Токомбаев). *Жанагы сүзмө салган баштыктай торсойгон Шабыраалы* (Байтемиров).

**ТОРСОЙТ торсой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРСОНДО** Торсойгон көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу.

**ТОРСОНДОО торсондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОРСОНДОТ торсондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОРСУК** Көбүнчө кымыз ж.б. суюктуктарды куюп жүрүү үчүн ылайыкталып иштетилген териден жасалган баштык. *Канжыгада торсукту, Чечип алды Коңурбай* («Манас»). *Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт* (макал).

**ТОРСУЛДА** Борсулдоо, борс-борс этип үрүү. *Майланбаган жалпак үйгө жеткенде, Үрүп чыкты кара күчүк торсулдап* (Токомбаев).

**ТОРСУН** *диал.* 1. Үйдүн ички төбөсүнө салынуучу жоон устун. 2. Устунга туурасынан салынуучу чабак жыгач.

**ТОРТ** Май, кант, жумуртка көбүрөөк кошулуп, ачытылбаган камырдан жасалган кондитер азыгы. *Миргүл ар кандай торттторду, пирогдорду жакшы жасайт* («Кыргызстан маданияты»).

**ТОРУ** Кызгылт күрөң түстөгү, куйругу менен жалы кара (жылкынын өңүнө карата). *Таенем мени балпайган чоң курсак тору бээге учкаштырып алып, үйүнө кеч кире келди* (Элебаев).

**ТОРУ ЭТИНЕ ТОЛУУ** Баралына келүү, күчкө толуу, жетилип булчуң байлоо. *Табылды оорудан аман айыгып, тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүрдү* («Эр Табылды»). *Тору этиңе толгондо, Тогуздан манап айдаттың* (Тоголок Молдо).

**ТОРУК I** **тоорук** менен бирдей.

**ТОРУК II** Жырткыч, зулум, ачкөз деген мааниде. *Ичиң сенин жарылып, Көрүнбөсүн торук ай* (Калмырза).

**ТОРУККАН КУШ** *аңч.* Торго чалынып, чыгып кеткен куш.

**ТОРФ (чым көң)** *геол.* Нымдын молдугунан өсүмдүктөрдүн минералдашкан калдыгы.

**ТОРЧО** Кичинекей тор, тор сыяктуу, торго окшогон, тор сымал. *Торчо көз.*

**ТОРЧОН** *тар.* Соот кийген (уруш кезинде кийилүүчү темир тор көйнөкчөн).

**ТОРШУН** **торсун** менен бирдей.

**ТОС** 1. Алдын тороо, жол бербөөгө аракет кылуу, тоскоолдук кылуу, бөгөт болуу, кайруу. *Жылдызкан басып баратса анын алдын тосуп токтотту* (Байтемиров). *Тетиги малды тосуп кой* (Турусбеков). 2. Тоскоол коюу, дубал, тосмо менен курчоо, бөгөт коюу. *Чарбакты тоскон чычырканак Ышкынаалынын денесин тытат* (Байтемиров). *Арт жакта жепирейген алачыктар, Жыртылган жамгыр тосор жери калбай* (Үмөталиев). 3. Карама-каршы кармай берүү, карама-каршы абалга коюу. *Дмитрий сом темирдин улам бир бетин оонатып, балкага тосо берет* (Сыдыкбеков). *Бетиңди тос Ак кагазым, Бермет тамга кадалсын* (Нуркамал). *Иса кулагын Бугимовдун оозуна тосту* (Сасыкбаев). 4. Күтүү, күтүп алуу, каршы алуу, кабыл алуу; жолун тороо; алдынан чыгуу. *Ар бир адам кумар болот өзүнчө, Мейман тосуп, аштамагын бермекке* (Осмонов). 5. Баланы түзгө отургузуу үчүн кармоо. *Чотонду тосуп койчу.*

**ТОСКОК** Ундун, көмүрдүн ж.б. нерсенин көзгө илээшпеген эң майда тозоңу, учкуну, чаң. *Тоскок болуп кыпкызыл, Топурагын карасаң* («Эл адабияты»). *Деталдуу калыптын кумун экчеп, деталын бир бөлөк, тоскогун бир бөлөк алып жаткан да машина* (Сасыкбаев).

**ТОСКОКТО** Бир нерсени майда чаңга же тоскокко айландыруу.

**ТОСКООЛ** 1. Бир жакка өткөрбөс үчүн коюлган тосмо, бөгөт. *Тоолору бийик заңкайып, Тоскоол турат калкайып* (Үсөнбаев). *Бийиктиктен эчен метр секиришип тоскоолдон чалынбай атташат* (Нуркамал). 2. *өт.* Белгилүү бир максатты ишке ашырууга каршы келген жолтоо, каргаша. *Таалайга эми тоскоол жок; Кучакташ, достор, эсен соо!* (Токомбаев).

**ТОСКООЛДУК** 1. Өтүүгө жолтоо болгон бөгөт, тоскоол. 2. *өт.* Иштин жүрүшүнө тоскоол болгон жолтоо, себеп.

**ТОСКУН** Өтүп кетүүгө, белгилүү бир ишти аткарууга карата болгон бөгөт, тосмо. *Бирок менин арманым, Алдымдан чыккан тоскун жок, Артымдан келген куугун жок* («Эр Табылды»).

**ТОСМО** 1. Өткөрбөө, тепсетпөө, коруу максатында тосуп коюлган тоскоол, кашаа. 2. Суу токтотуу, көлмө кылуу максатында жасалган бөгөт. *Тосмонун бери жагындагы жылкылардын ыркы кетип, үйгү-түйгү* («Ала-Тоо»).

**ТОСМОЛО** 1. Тоскоол коюу, тосмо коюу, бөгөө. 2. Алдын тосуп кайруу. *Кунанды от жерге аргамжылап коюп, үйлөрдү жөө тосмолойт* (Бейшеналиев).

**ТОСМОЛОО** **тосмоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОСМОЛОТ** **тосмоло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСМОЧУ** Өткөрүп жиберүүгө боло тургандыгына же болбой тургандыгына көз салып текшерип туруучу. *Көпүрөдө тосмочу солдат турат* (Баялинов).

**ТОСОТ** Душманды же айдоого алынган анды күтүп тосуп туруучу мерчемдүү жер, буктурма жай. *Тосотко барып туруу. Тосотто отурган мергенчи.*

**ТОСОТТО** Курчоого алуу, чалгындоо, күтүү.

**ТОСОТЧУ** Тосотто отурган аңчы, мергенчи.

**ТОСТ** Куюлуп турган ичимдикти ичип коюуну сунуш кылуу менен бирөөнүн урматына жана кандайдыр бир жакшы каалоосун билдирип айтылган кыскача сөз.

**ТОСТОГОЙ** Тостойгон, томпойгон, томпоюп чыгып турган. *Тостогой көз.*

**ТОСТОГОН** Кичирээк тегерек жыгач чөйчөк. *Акмарал келин, тостогон чөйчөктөргө сорпо куюп узаттырды.*

**ТОСТОЙ I** Томпоюп, чанагынан чыга тургансыган көрүнүштө болуу (көз жөнүндө). *Кайраттын жалжылдаган көздөрү ай-*

*нектей тостоюп чанагынан чыкты* (Бейшеналиев).

**ТОСТОЙ II** Кечүү, жара кечүү. *Токсон адыр Үргөнчтү, Тостой кечсе сабалап* («Эл адабияты»).

**ТОСТОЙТ** **тостой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСТОК** Тостоюп чыгып турган, тостойгон, тостогой. *Көзү тосток, кулагы узун коён деген ошол* («Жомоктор»). *Молдо тосток көз, чаар киши* (Баялинов).

**ТОСТОНДО** Көзүн тостойто алактап же тез кыймылда кароо, чакчандоо.

**ТОСТОНДОТ** **тостондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСТОЮУ** **тостой** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОСТУКАН** *сейр.* Кичирээк жыгач чөйчөк. *Тоодой кула аты бар, Тостукандай көзү бар* (Эл ырлары).

**ТОСТУР** **тос** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСУЛ** **тос** этишинин туюк мамилеси.

**ТОСУРАЙ** Болпоюп торсойгон көрүнүштө болуу. *Сатай тосурайып бирдемени ойлогонсуп карап турду* (Сыдыкбеков). *Тосурайган карагат көз наристе, Дос-душманын ажырата биле элек* (Токомбаев).

**ТОСУРАЙТ** **тосурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСУРАКАЙ** Тосурайып турган, тосурайган, тосурайыңкы тарткан.

**ТОСУРАНДА** Тосурайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, томуран-томураң этүү. *О тосураңдаган азаматтарым* (Сыдыкбеков).

**ТОСУРАНДАТ** **тосуранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОСУРАНДОО** **тосуранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОСУУ** **тос** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОСУШ** **тос** этишинин кош мамилеси.

**ТОТАЛДЫК** Жалпы, бардыгын ичине алуучу. *Тоталдык согуш.*

**ТОТАЛИТАРИЗМ** *саяс.* Коомдун социалдык-саясий түзүлүшүнүн модели, мамлекеттин көзөмөлдөөсү, адамдын саясий бийликке толугу менен баш ийүүсү аркылуу мүнөздөлөт.

**ТОТЕМ** Кээ бир элдерде уруу башчысы жана анын колдоочусу катарында диний сыйынуу предмети болгон айбан (кээ бир учурларда өсүмдүк ж.б. ).

**ТОТЕМИЗМ I** *адаб.* Башталыш, негиз деген маани. Адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы баскычындагы элдин мифологиялык түшүнүгү. Алар адамды кайсы бир өсүмдүк же жаныбар же нерсе менен байланыштуу дешип, алардын жашоо-шартын ошолор менен байланыштырышкан.

**ТОТЕМИЗМ II** Кээ бир элдердин тотемдерге сыйынган дининин формасы.

**ТОТОС** *сейр.* Анчалык, а түгүл да. *Мен намысымды да ушул кезге чейин тотос билбейм* (Токомбаев).

**ТОТУ** 1. Тропикалык өлкөлөрдө жашоочу жүнү кооз, кээ бир сөздөрдү окшоштуруп кайталоого жөндөмдүү куш. *Тоту – жүнү менен, Булбул – үнү менен* (Санат). *Тотуну жакшы көрсөткөн, Кубулган түрдүү жүн болот* (Осмонкул). *Азем тоту деген бар, Адамдын тилин сүйлөгөн* («Манас»). *Тоту элем элге сайраган, Толгоп чертип күүмдү* (Токтогул). *Тотудай жүнүн күлпунтуп, Токоюн кыргоол оттосо* (Казыбек). 2. Жапызыраак келген, кичинекей тибет тукумундагы ат.

**ТОТУ КУШ** **тоту** (1) менен бирдей. *Тоту куш кооз көрүнөт, Миң кубулган жүн менен* (Осмонкул).

**ТОТУГУУ** **тотук** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОТУК** 1. Күнгө күйүп караюу, шамалдын, сууктун таасиринен кабарып, тууруулуп кетүү. *Жайды жайлата эс алышып тотуккан балдардын баарынын көңүлдөрү шат* («Аалам»). 2. *өт.* Такшалуу, токтолуу. *Айбек жаштайынан турмушка тотуккан жигит* («Ала-Тоо»).

**ТОТУКТУР** **тотук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТОЮМДУК** Тоёрлук, тоюнарлык, бир нерсе жеп канааттандырарлык абал. – *Каныке, мындан да ооз тийип кой, баягы өзүң көргөн үч эчкинин каймагы, тоюмдук үчүн эмес, көңүлдүк үчүн!* (Жантөшев).

**ТОЮН** **той** этишинин өздүк мамилеси.

**ТОЮР ТОРСУК** Жылкычылардын кол чаначы. *Бээнин сүтүн бышыртты, Тоюр торсукка куйдурду* («Эл адабияты»).

**ТОЮТ** Малга берилүүчү жем-чөп, силос ж.б. жалпы жыйындысы. *Малдын тоюту. Тоют чөптөр. Чыктуу тоют. Кесек тоют. Тоют даярдоо.*

**ТОЮТКОР** **тоют** менен бирдей.

**ТОЮТТАНДЫР** Тоют берип тойгузуу, жем-чөп, азык берип туруу. *Уйларды зоотехниктин айтуусу боюнча тоюттандырайын* («Кыргызстан аялдары»).

**ТОЮТТАНДЫРУУ** **тоюттандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЮТТАНДЫРЫЛ** **тоюттандыр** этишинин туюк мамилеси.

**ТОЮУ** **той** этишинин кыймыл атоочу.

**ТОЯНА** *диал.* Үйлөнүү тоюнда коноктorго таркатып берилүүчү же ага жаштар тарабынан алып келинген белек, сыйлык.

**ТӨБӨ** 1. Баштын үстүнкү бөлүгү, чоку. *Эрке кыз Жылдызканды кучактап төбөсүнөн жыттады* (Жантөшев). *Докторлор төбөмө дары сүйкөп таңышты* (Жантөшев). 2. Кандайдыр бир бийиктиктин, тоонун, үйдүн ж.б. эң үстүнкү бөлүгү, жогору жагы, чокусу, учу. *Караса чоң саатты,*

*мунарасында шаңгырап, төбөлөрүндө жылдыз күйгөн кадимки Кремль турат* (Байтемиров). *Командир экөөбүз чокунун төбөсүнө чыктык* (Жантөшев). 3. Баш кийимдин кыруусунан жогорку түп жагы, үстүнкү бөлүгү. *Тебетейдин төбөсүн, үкү менен чоктодук* (Жантөшев).

**ТӨБӨ ЧАЧЫ ТИК ТУРУУ** Абдан коркуу, эси чыгып кетүү, үрөйү учуп, жүрөк титирерлик сезимде болу, бүткөн бою дүркүрөө. *Бул кабарды укканда отургандардын төбө чачы тик турду* (Жантөшев). *Төбө чачы тик туруп, Чал сакалы саксайды* («Мендирман»).

**ТӨБӨГӨ КӨТӨРҮҮ** 1. Колунан келген жакшылыгын аябоо, колдоо, абдан кадырлоо, аябай сыйлоо, урматтоо. *Койчуман карыя өзүнүн адал эмгеги менен элге таанымал. Аны айылдагылардын баары төбөсүнө көтөрөт* (Убукеев). – *Биз Мырзабекти төбөбүзгө көтөрүп отурсак, Мырзабек бизди адам катарына санабайт экен* (Абдукаримов). 2. Ызы-чуу салуу, чуу салуу, дүрбөлөң түшүрүү. *Какылдак безилдеп кез-кез ачуу-ачуу чаңыргандай болсо, кыштакты төбөсүнө көтөрөт* (Сыдыкбеков).

**ТӨБӨГӨ ОЙНОО** Өз билгенин иштөө, бирди көрсөтүү, кыйноо. – *Бу ак жоолуктун азаттыгы эмне менен чектелет? Биздин жакка өкмөт катын барып алып эле тебетейчендердин төбөсүнө ойноп койду* (Сыдыкбеков). **В.: Төбөгө чыгуу.** *Антпегенде бүгүн бирөө минтип каяша айтса, эртеңки күнү экинчиси төбөмө чыгар* (Баялинов).

**ТӨБӨЛ** 1. Төбө. *Кара төбөл козу.* 2. *өт.* Башкаруучу, бийлик жүргүзүүчү. *Капиталисттик төбөлдөрдүн айбын ачтың, Маскаралап бетине тамга бастың* (Осмонкул).

**ТӨБӨЛӨШ** Мушташуу.

**ТӨБӨЛӨШТҮР** **төбөлөш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨБӨЛӨШҮҮ** **төбөлөш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨБӨЛҮК** *диал.* Жүгөндүн сагалдырыктан жогору кетүүчү кулактын арткы түбүнөн өткөн бөлүгү.

**ТӨБӨЛҮҮ** Төбөсү бийик, төбөсү шоңшойгон. *Төбөлүү тебетей.*

**ТӨБӨНДӨҢ УРГУР** Оңбоо, оңбой кал деген сыяктуу каргоо, тилдөө маанисинде айтылат. *А сен, кандай төбөңдөн урган соргок неме элең? – деди Куйручук* (Бектенов). *Коюңуз, ушунда бир кудай төбөңдөн ургур бар эле ошол булдургөн тура* (Бектенов). **В.: Төбөңдөн тийгир!** *Төбөңдөн тийгир, ушуну кантип айттың!* («Чалкан»).

**ТӨБӨСҮ КӨККӨ ЖЕТҮҮ** Көңүлү абдан көтөрүлүү, аябай кубануу, өтө ыраазы болуу, жетине албоо. *Балдардын кеңеш-кебинин ичинен өзүнүн бар экенине Калыйча кубанып, төбөсү көккө жетип турган эле* (Абдукаимов). *Ушул эле күздө таятам Бишкек менен Ошту туташтырган төө жолду басып, тешкен тоону көрүп, анда бир төбөсү көккө жетип келди* («Ала-Тоо»). **В.: Төбөсү көккө тийүү.** *Сен кишиден тил укпас, бирөөдөн таяк жебес болсоң болду, биздин төбөбүз көккө тийгени ошол* («Кыргызстан маданияты»). *Мына ушундай куттуктоо сөздөрдү уккан сайын Шопоктун бүткөн бою эрип, көңүлү алып учуп, төбөсү көккө тийгендей көтөрүлөт* (Бөкөнбаев). **Төбөсү айга жетүү.** *Умсунай апа болсо неберелүү болушканына төбөсү айга жетип, көңүлү куунак* (Сасыкбаев).

**ТӨБӨСҮ МЕНЕН КУДУК КАЗУУ** Өтө оор эмгек кылуу, азап тартуу. *Төбөм менен кудук казсам да, сизди багууга милдеттүүмүн* (Жантөшев). *Төбөсү менен кудук казса да анын жасаган жумушу билинбеди* («Ала-Тоо»). **В.: Төбөсү менен жер казуу.** *Келинди мен алмак болсом, төбөм менен жер казсам да мал таап, ата-бабанын наркын өтөмөкмүн* (Сыдыкбеков).

**ТӨБӨСҮН КАҢДОО** Бирди көрсөтүү, катуу жазалоо. *Жөн жүр, жаки болбосо, төбөңдү каңдайм* (Бейшеналиев). *Биз ошонун бирин эле жасайлычы, бул түркөйлөр аныбызды көтөрмөк турсун, төбөбүздү каңдайт* (Медетов).

**ТӨБӨСҮНӨ ЖАҢГАК ЧАГУУ** Акесин таанытуу, жазасын берүү, сазайын окутуу. *Мен анын төбөсүнө жаңгак чакпасам, Маанайкул атым өчүп калсын* («Ала-Тоо»). *Сенин төбөңө жаңгак чагамын, – деп зекиди* («Чалкан»).

**ТӨБӨСҮНӨ КАМЧЫ ОЙНОТУУ** Катуу кордук көрсөтүп ызалоо, запкы көрсөтүү, сабоо. *Ал сага окшогондордун төбөсүнө камчы ойнотуп иштеткендей, – деди Арзыкул* (Байтемиров).

**ТӨБӨСҮНӨ КАМЧЫ ҮЙРҮҮ** Коркутуу, демитип ызырынуу, зекүү. *Ачуу намыска жеңдирип, кумсаңдаган эри ат үстүнөн зекип, төбөсүнө камчы үйрөт* (Сыдыкбеков).

**ТӨБӨСҮНӨН КУШ УЧУРБОО** Абдан бөпөлөп, каркыттап мамиле жасоо. *Жалгыз уулун төбөсүнөн куш учурбай ардактап бакты* («Ала-Тоо»).

**ТӨБӨСҮНӨН ТҮШҮҮ** Дал үстүнөн чыгуу, туура келүү. – *Оой, акебай, – деп Мурат каткырып жиберди. – Дал төбөсүнөн түштү ай* («Ала-Тоо»). **В.: Төбөсүнөн чыгуу.** *Эмне болсо, ошо болсун деп айта салдым эле төбөсүнөн чыгыптырмын* («Чалкан»). *Айтканың көп учурда дал төбөсүнөн чыкчу эле, балким, дагы бирдеме деп жүрбө* (Байтемиров).

**ТӨБӨСҮНӨН УРУУ** Бузулуу, шайтан азгыруу. *Төбөсүнөн уруп, ошолору алкын бузуп ийип атышпайбы!* (Жантөшев).

**ТӨБӨТ** *диал.* Дөбөт.

**ТӨГӨРӨК** 1. Тегерек. *Бубу көмөч сыяк-*

*туу төгөрөк бирдемени алып келди* (Абдукаримов). *Жамийланын балкылдаган төгөрөк жүзүнө ак жоолук эп келише калат* (Айтматов). 2. Айлана, теребел. *Төтөдөн дүрбү салдык биз, Төгөрөктү чалдык биз* («Эр Табылды»).

**ТӨГӨРӨКТӨ** **тегеректе** менен бирдей.

**ТӨГӨРӨКТҮН ТӨРТ БУРЧУ** Туш тараптын бардыгы, бүт дүнүйө жүзү, аалам. *Мына биз төгөрөктүн төрт бурчунда эмнелер болуп жатканын үйүбүздө отуруп гана уга беребиз* (Убукеев). *Төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдыруу* («Эр Төштүк»). *Төгөрөктүн төрт бурчунан эл жыйнап, аш берүүгө камынат* («Манас»).

**ТӨГҮЛ** **төк** этишинин туюк мамилеси. *Шаңкаят кара кийизге, Төгүлгөн сүттөй бир ууртам* (Кулумбаев). *Тууган жерден ажырап, Бөтөн жерде боздоп жашы төгүлгөн* (Байгазиев).

**ТӨГҮЛГӨН САКАЛ** Жайкалган узун сакал, суйдаңыраак жайкалган чоң сакал.

**ТӨГҮЛТ** **төгүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨГҮЛҮҮ** **төгүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨГҮН** 1. Жалган, калп, чындык эмес. *Абийирдин окуучулардын демилгесин төгүнгө чыгаргансып олунуп айткан сөзүн Абаз ичинен жактырган жок* (Таштемиров). 2. Бекеринен, жок жерден, негизсиз, тегин. *Төгүн жерден өрт чыкпайт* (макал).

**ТӨГҮНДӨ** Жокко чыгаруу, жалган, калп экенин далилдөө.

**ТӨГҮНДӨЛ** **төгүндө** этишинин туюк мамилеси.

**ТӨГҮНДӨӨ** **төгүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨГҮНДӨТ** **төгүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨГҮНДӨШ** **төгүндө** этишинин кош мамилеси.

**ТӨГҮНДҮК** Чын эместик, жалгандык. *Төгүндүккө чыгаруу.*

**ТӨГҮҮ** **төк** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨГҮШ** **төк** этишинин кош мамилеси.

**ТӨЖҮГҮР** *сейр.* Үйдө отура албаган, кыдырып айылчылап жүргөндү жакшы көргөн, айылчы (аялдарга карата).

**ТӨК** 1. Кандайдыр бир суюктукту чачып же шарт куюп жиберүү, жаба куюу, ичиндегисин көңтөрүп же ыргытып таштоо, чачыроого дуушар кылуу. Катуу жаап кирүү. *Төгүп кетсе, көл болот, Түнөп кетсе кут болот* (Калмырза). *Фабрикага жеткенде жамгыр төгүп жиберди* (Сасыкбаев). 2. Тапшыруу, төлөө. *Акча төктү. Салык төктү.* 3. Коё берүү, абдан күчөтүү, үстөкөбосток демөө, ашып-ташуу. *Чоко өзүнчө наалып кимгедир каарын төгөт* (Жантөшев). *Ырды төгүп ырдады.*

**ТӨКМӨ** Күн мурун ойлонуп отурбастан оюнан чыгарып шар ырдап жиберүүчү ырчы. *Төкмө акын, Төкмө ырчы.*

**ТӨКМӨЛҮҮ** Өзгөрүп турма, бир калыпта турбаган, өзгөрүп кете турган. *Оомалуу кезек, төкмөлүү дүнүйө* (Жантөшев).

**ТӨКӨ** *сейр.* Олдоксон жасоо, эптеп-септеп сомдоп жасай салуу. *Төкөр уста төкөгөн* (фольк.).

**ТӨКӨК** 1. Олдоксон иштетилген, эбисыны жок, эпсиз. 2. Мокок, өтпөгөн, курч эмес (бычак жөнүндө). 3. *өт.* Чебер эмес, устат эмес, эби жок, чоркок. *Сөзгө төкөк акын.*

**ТӨКӨР** Аксак, сылтып баскан. *Адам болду деп тигил Абдылда төкөрдүн баласын айткыла* (Сыдыкбеков).

**ТӨКӨРӨҢДӨ** Сылтып басуу, чолтоңдоп басуу, аксаңдап басуу.

**ТӨКӨРӨҢДӨӨ** **төкөрөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨКӨРӨҢДӨТ** **төкөрөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨКПӨЙ ЧАЧПАЙ** Бирин калтырбай, толук, бардыгын тең. *Аңгыча Айнысахан болгон окуянын бардыгын төкпөй-чачпай айтып берди* (Жантөшев). *Мен кечинде атама төкпөй-чачпай жеткирдим* (Усубалиев).

**ТӨКПӨЙ-ЧАЧПАЙ АЙТУУ** Эчтемесин калтырбай бүт айтуу. *Ичимдеги үйгү-түйгү ойлорунун баарын энесине төкпөй-чачпай айтып берди* (Сасыкбаев).

**ТӨКСӨК:** **аксак-төксөк** Бутунан сылтый басып аксаңдаган, буту майыптуу, төкөр, чолтоңдоп баскан, аксак-тексек. (көбүнчө майда жандыктар жөнүндө). *Кой аксак-төксөгү менен миң.*

**ТӨКТҮР** 1. **төк** этишинин аркылуу мамилеси. *Үйлөргө жагылган отундун күлдөрүн ошол аянтка төктүрөт* («Ала-Тоо»). *Жеринин күчүн чыңдоого, Жергелей кыкты төктүрдү* (Осмонкул). 2. Билерик, шакек ж.б. ушул сыяктуу буюмдарды кооздоо үчүн кымбат баалуу заттар менен жалатуу, жаптыруу, төгүү. *Кыруусуна шакектин, Берметтен сирке төктүргөн* (Жантөшев). *Тегерегин көөхардан, Жаймалата төктүрдүм* («Манас»).

**ТӨКТҮРТ** **төктүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨКТҮРҮҮ** **төктүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨЛ** 1. Малдын жаш тукуму. *Алынган төлдөр зоотехникалык эрежелердин негизинде чыгашасыз багылып жатат* («Кыргыз Туусу»). *Аскасы металл кен берип, Чарбасы байлык төл берип* (Калык). 2. Кандайдыр бир иштин, аракеттин жемиши, келип чыккан натыйжа. *Тынчтык койнун кенен ачып, эмгек өз төлүн берип жаткан учур* («Ала-Тоо»).

**ТӨЛ БАШЫ** Биринчи, алгачкы. *Табыл-*

*ган малга төл башы* («Манас» С.К.). *Балдарымдын улуусу, төл башым сенин атаң болуучу, – деди чоң энем* («Аалам»). *Колундагы менчигинин төл башын, Өкмөт өз колунан берди эле* (Токомбаев).

**ТӨЛ МАЛ** Өз малынын тукуму. *Жээрде кашка Акмандын төл малы* (Сыдыкбеков).

**ТӨЛГӨ** 1. 41 ташты тартып, же башка жол менен келечекте эмне болорун же мурда эмне болгонун болжолдоп айтуучулук. *Баштыкка салып кырк бир таш, Кур калбайт төлгө тартчусу* (Осмонкул). 2. Өзүнүн оюнун, максатынын келечекке туура чыгышын, орундалышын болжол кылган белги. *Төлгө кылып көрөмүн, Тайтору күлүк атымды* («Манас»).

**ТӨЛГӨСҮ ТӨП КЕЛҮҮ** Ойлогон ою, максаты ордунан чыгуу, иши оңолуу. *Инисинин кадимки жаралуу кишидей демөөрлөнткөнү Байымбетти төлгөсү төп келчүдөй жубатты* (Бейшеналиев). *Төлгөсү төп келерине демденген акын табышмак түйгүсүн эми айкындабаса жарылчудай* (Бейшеналиев).

**ТӨЛГӨЧҮ** Төлгө тартуучу, төлгө салуучу. *Кошо кетти кожоюп, Төлгөчү Кара Төлөгү* («Манас»). *Шаарда эң укмуштуу келечекти убада кылган олуялардан, төлгөчүлөрдөн, бал ачуучу лөлүлөрдөн башың адашат* (Абдукаримов).

**ТӨЛГӨЧҮЛҮК** Төлгө тартуучулук, төлгө салуучулук. *Тердиктин бетиндей кийизди колтуктап элдүү жерге барат да, төлгөчүлүккө киришет* (Убукеев).

**ТӨЛДӨ** Тукумдоо, тукуму өсүү, төл берүү. *Айылдын малы дүрүлдөп, Төлдөдү салкын төрүндө* (Нуркамал). *Мал кызуу төлдөп жаткан кез* (Нуркамал).

**ТӨЛДӨӨ** **төлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨЛДӨӨЧҮ** Төл берүүчү, төлдөй турган, төл бере турган. *Төлдөөчү малдардын короо-сарайлары жылуу, кургак болсун* («Ала-Тоо»).

**ТӨЛДӨТ** **төлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨЛӨ I** Жер кепе, жер там, жер үй. *Мен ушул күнгө чейин жер төлөдөгү чычкандай болуп жашаган экемин* (Жантөшев). 2. Аңчылар, саятчылар тор жайып куш кармоодо жанында жышырынып андып жатуу үчүн ылайыктап таштан алачык сыяктанып жасап алган кепе. *Таштан төлө жасап алып карап олтурушат* (Жантөшев).

**ТӨЛӨ II** Сатып алынган нерсе үчүн, пайдалангандыгы үчүн баасын, мүчөлүк акысын, карызды, салыкты ж.б. берүү, бүлүнгөн, жоголгон нерсенин ордун толтуруу. *Анан сен үчүн Чаргын өз жанынан төлөмөк беле* (Сыдыкбеков). *Карызын төлөп, Маамыт араңдан зорго кутулду* (Жантөшев). 2. Жумшап, жоготуп, жок кылып бүлдүрүп-сындырып койгондугу үчүн кандайдыр бир нерсенин наркына, баасына барабар келгендей өлчөмдө акча каражатын берүү же башка бир нерсе берип эсептешүү. *Боорукердигиме ыраазы бол да, чөп үчүн төрт кой төлөп кой, бала!* (Сыдыкбеков).

**ТӨЛӨМ** *экон.* Накталай же, накталай эмес акча каражаттарын төлөөчүнүн которушу менен акча милдеттенмесин аткаруу.

**ТӨЛӨМӨР** Ордуна коюлуучу, төлөнүүчү акы, төлөй турган болуп калуучулук. *Кой төлөмөр болуу.*

**ТӨЛӨН I** **төлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТӨЛӨН II** Саятчылардын куш күйгөндө жата турган чуңкуру.

**ТӨЛӨҢГҮТ** Хан, бек, бий сакчылары жан жигиттери. *Ошондо Тайтуяк мерген: «Кой, курдаш, койчагарың менен бирин жайлаарсың, кайра дүрмөттөгүчө көк бөрү тартып кетпейби, бул төлөңгүттөр»* деди (Абакиров).

**ТӨЛӨӨ** **төлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨЛӨТ** **төлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨЛӨШ** **төлө** этишинин кош мамилеси.

**ТӨМӨН** 1. Ылдый, эңкейиш, өйдөнүн карама-каршысы, ылдый карай. *Алар абдан күнөөкөр болгондой төмөн караштı* (Жантөшев). *Мөңкүп агат булагы, Өрдөштөн төмөн элирип* (Турусбеков). 2. Салыштыра караганда сапаты, тендештиги ж.б. жагынан алда канча начар, кемчил, жетишсиз. *Айбандардан өөдөрөөк, Адамдардан көп төмөн* («Эр Төштүк»).

**ТӨМӨНДӨ** 1. Ылдыйлоо, турган ордунан төмөн түшүү, төмөн карай багыт алуу. *Байыр Сейиттин сөзүнө кулак салбастан, чатыраган аркан менен төмөндөй берди* (Баялинов). 2. Арзандоо, баасы төмөн түшүү. *Баасы төмөндөгөн товарлар.* 3. Кызмат абалынан же баштапкы абалынан кичирейүү, төмөн боло баштоо, ылдыйлоо. *Кызматынан төмөндөгөн адам. Райондон Ашырбай, Төмөндөдү айылга* (Токомбаев). *Абанын температурасы кескин түрдө төмөндөй баштады* («Кыргыз Туусу»).

**ТӨМӨНДӨН** **төмөнтөн** менен бирдей.

**ТӨМӨНДӨӨ** **төмөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨМӨНДӨТ** **төмөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨМӨНКҮ** Ылдый жактагы, төмөн жактагы, ылдыйкы. *Төмөнкү имерилиштен бир киши көрүндү* (Жантөшев). *Төмөнкү кечүүнүн оозундагы калың элдин арасынан мылтыктын түтүнү чыккандай болот* («Эр Табылды»).

**ТӨМӨНТӨДӨН** **төмөнтөн** менен бирдей.

**ТӨМӨНТӨН** Ылдыйтан, ылдый жактан. *Кайназар төмөнтөн чыгып келе жаткан аттууларга көз салды* (Жантөшев).

**ТӨМӨНЧҮЛҮК** 1. Сапаты, баасы ж.б. жагынан бир кыйла төмөн тургандык. 2.

Өзүн төмөн санап көрсөткөн кичи пейилдик, урмат көрсөтүүчүлүк. *Каракаштын оозунан кандай сөз чыкса да, Сасык Үпүп төмөнчүлүк менен башын ийип кубаттоосун танбады* (Каимов).

**ТӨМПӨЙ** Түмпүйүп, томпоюп туруу, бөлтөйүп, кабарып туруу, бир аз томпойгон көрүнүштө болуу. *Солдаттардын огу тийип, Ээн коктуда, кала берген бейиттери төмпөйгөн* (Байгазиев).

**ТӨМПӨЙТ** **төмпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨМПӨЙҮҮ** **төмпөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨМПӨШ** **төпөш** менен бирдей.

**ТӨМПӨШТӨ** **төпөштө** менен бирдей.

**ТӨМПӨШТӨӨ** **төмпөштө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨН** Көрүнбөй чөгүп, батып кетүү, көрүнбөй бир нерсенин арасына кирип жок болуп кетүү. *Алар да көз алдымда алыска-алыска төнүп кетип бараткансыды* (Сыдыкбеков). *Тээ көк асманга көзгө илешпес нокоттой төнө торгойлор бежилдеп-чежилдеп чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков).

**ТӨНДҮР** **төн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨНДҮРҮҮ** 1. Ыкчамдатуу, тез жүргүзүү. 2. Ала качма, албуут. 3. *өт.* Жүргүзүү, жорголотуу. *Шайбырына көндүрүп, Жоргосуна төндүрүп* («Манас»).

**ТӨНҮҮ** **төн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨҢГӨК** *диал.* Дөңгөч.

**ТӨҢКӨР** Астын үстү кылып оодарып таштоо, көңтөрүү. *Тоодой болгон Коңурду, Төңкөрө сайып турганы* («Манас»).

**ТӨҢКӨРҮЛ** **төңкөр** этишинин туюк мамилеси.

**ТӨҢКӨРҮҮ** **төңкөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨҢКӨРҮШ** 1. Чукул өзгөрүш, жашап турган коомдук-саясий системадагы түптамырынан берки өзгөрүш. *Мамлекеттик төңкөрүш.* 2. Революция. *1917-жылы февраль айында төңкөрүш болуп падыша тактынан кулады* («Эркин Тоо»).

**ТӨҢКӨРҮШЧҮЛ** Революциячыл.

**ТӨҢӨЛҮК** Тогоо, чагарак же ар түрдүү көлөмдөгү тегерек кылып ийилген темир. *Данияр арабанын дөңгөлөктөрүнүн ийилип калган төңөлүктөрүн оңдоого аракет кылды* («Ала-Тоо»). *Чор шадыда төңөлүктөй жез шакек, Эчак жүргөн серт көрүнүп көзүмө* (Токомбаев).

**ТӨҢӨЛҮКТӨ** Төңөлөк салуу, төңөлүк коюу.

**ТӨҢӨЛҮКТҮҮ** Төңөлүгү бар, төңөлүк салынган.

**ТӨӨ** Бир же эки өркөчтүү, чөлгө чыдамдуу мал. *Жылкычы болуп бээ бактың, Жылдырып айдап төө бактың* (Тоголок Молдо). *Көрбөгөн, төөнү да көрбөйт* (макал). *Төө көп болуп, конокко сойбойт* (макал). *Карыган төөдөй боздойсуң, Келбей жатып ырдайсың* (Калмырза).

**ТӨӨ БАСТЫ** Бирөөнүн үстүнө башкалары үйүлүп, басып ойноочу оюн. *Сапар бул шок немелер төө басты кылып жүрүшпөсүн деп чочулап тура качты* (Бейшеналиев). *Болбосо төө басты кылып мойнунан ылдый топурак куйсак болот эле* (Сыдыкбеков).

**ТӨӨ БАСТЫГА АЛУУ** Көптөп кетүү. *Убадамды аткарбасам, – дейт Карып, анда мени алар төө бастыга алышат* («Ала-Тоо»). **В.: Төө басты кылуу.** *Сапар бул шок немелер төө басты кылып жүрүшпөсүн деп чочулап турду* (Бейшеналиев).

**ТӨӨ ЖАЛ** *же* **төө мойнок** *диал.* Төөнүн мойнуна илип коюлуучу жасалга, коолдук.

**ТӨӨ КИЙИК** Жапайы төө. *Киши кийик, төө кийик* («Манас» С.К.).

**ТӨӨ КӨРДҮҢБҮ – ЖОК, БЭЭ КӨРДҮҢБҮ – ЖОК** Бир нерсени билсе да билбеген, көрсө да көрбөгөн, ал ишке катышы жок. *Бирөө сураса төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү жок* (Мияшев).

**ТӨӨ КУШ** Тез жүгүрүүгө ылайыкталган узун буттуу, бирок учууга жөндөмү жок, ысык өлкөлөрдө жашоочу чоң куш.

**ТӨӨ КЫЯДАН ӨТҮҮ** Иштин учуру, оор мезгили өтүп кетүү, болору болуу, иш бүтүп калуу. *Аттиң, арман ай! Жапаштын өчүн алсам болмок экен деп, эки күндөн бери ойлондум. Бирок аба, иш ооп калды... Менин төөм кыядан өтүп кетти!* (Жантөшев). **В.: Төө кыядан өткөн соң.** *Төө кыядан өткөн соң, о дегениң курусун* (макал).

**ТӨӨ ТАПАН** *же* **төө таман** Тикендүү, жазы жалыбрактуу өсүмдүк. *Гүл ачкан төө тапандар жыбырап көрүндү* (Сыдыкбеков).

**ТӨӨ ЧЕЧКЕНДЕЙ БОЛУУ** Аябай уят болуу, маскарасы чыгуу. *Эл алдында төө чечкендей болду.*

**ТӨӨ ЧЕЧКЕНДЕЙ КЫЛУУ** Шерменде кылуу, абийирин төгүү, шылдыңга, катуу уятка калтыруу, маскарасын чыгаруу.

**ТӨӨ ЧЕЧМЕЙ** Кыргыздын байыркы оюну.

**ТӨӨКЕЧ** Төөгө артылган жүктү алып жүрүүчү кирекеч, төө менен жүк ташуучу киречи. *Төөкечтердин башчысы Азимахун* (Жантөшев).

**ТӨӨЛҮК** 1. Айырмасы чоң, айырмасы бир кыйла жогору. *Менин атым сенин атыңдан төөлүк өйдө* («Ала-Тоо»). 2. Төөгө тете, төөнүн күчүнө барабар. *Чаар ингендин өзүндө, Миң төөлүк күч бар экен* («Эр Төштүк»).

**ТӨӨЛҮҮ** Төөсү бар, төөсү көп. *Төөлү талаа. Төөлү көч.*

**ТӨӨМАНТЕК** **төөматек** менен бирдей.

**ТӨӨМАТЕК** Оюнда уттурган баланын башына чыканакты коюп, нығыра басып туруп колун тартып алганда, муштум күч менен барып башка тийген сокку. *Балдардын эптүүсү эпсизинен төөматек, укуй алып жатты* (Жантөшев).

**ТӨӨ МЫЛТЫК** Төөгө жүктөп жүрүп атууга ылайыкталган кичирээк замбирек.

**ТӨӨНӨ** Төөнөгүч менен кабаттай, капшыра, тепчий сайып бекитүү.

**ТӨӨНӨГҮЧ** Тукул башы уруйган, же бир жагы кооздук үчүн жасалган төөнөп бекитүү үчүн пайдаланылуучу ийне, жаканы, көкүрөктү ж.б. кымтылап же төөнөп бекитип коё турган, көрүнүп турган бет жагы кооздолгон кооздук.

**ТӨӨНӨЛ төөнө** этишинин туюк мамилеси.

**ТӨӨНӨӨ төөнө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨӨНӨТ төөнө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨӨНӨЧ төөнөгүч** менен бирдей.

**ТӨӨНҮН КУЙРУГУ ЖЕРГЕ ТИЙГЕНДЕ** Жакында болбой турган же такыр болууга мүмкүн болбогон нерсе. *Жамал мени качан келет десе, төөнүн куйругу жерге тийгенде келет дегин* (Шүкүрбеков). *Кейпи төөнүн куйругу жерге тиер учурду күтүп жатышса керек* («Чалкан»).

**ТӨӨҢ АК ТУУДУ** Иши оңолду, ордунан чыкты. *Анын төөсү ак тууду.*

**ТӨӨЧҮ** Төө баккан, төө кайтарган адам. *Менин төөмдү жетелеген төөчүм да ырчы дейт Корчу* (Токомбаев). *Сөлпү Бөрүбаев деген төөчүнү көрсөтүштү.*

**ТӨП I** 1. Так, туура, бардык жагынан толук ылайык. *Бир айткан сөзүн эки айтат, Төп айтпай сөзүн чеки айтат* (Тоголок Молдо). 2. Адилет, ак ниет, туура чынчыл. *Ал митаамдык менен ушактан алыс жүргөн төп киши* (Абдумомунов). 3. Бүтүндөй толук, түгөл. *Апамдай адамды дүйнөнү төп кыдырсам да таппасмын* («Ала-Тоо»). *Башыңа бакыт консо, баары болот, Каалаганың төп болуп, келет сага* (Баласагын).

**ТӨП II: төп этип түшүү** Аттан же кандайдыр бир бийиктиктен топ этип түшүү, жеңил секиргенсип, топ деп түшүү. *Аттан төп этип түштү.*

**ТӨПӨ: төпө башы** Бир үйдүн, жамааттын, уруунун ж.б. башчысы, чону, улуусу, аксакалы, мыкчыгери.

**ТӨПӨШ** Таяктап, уруп коюучулук, токмок. – *Улуу кишинин анча-мынча төпөшүн көтөрбөгөндөй макоо дейсиңби* (Бейшеналиев). *Ал далай төпөш жесе да, анын жүрөгүнө тынчтык бербей алып учкан сезими моюн сунбады* («Ала-Тоо»).

**ТӨПӨШТӨ** Уруу, сабоо, таяктоо, токмоктоп коюу. *Анча-мынча төпөштөп коюу.*

**ТӨПӨШТӨӨ төпөштө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨПӨШТӨТ төпөштө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨПТӨ** 1. Бардык жагынан толук ылайык келтирип тактоо, төп кылуу. *Төгөрөктүн төрт бурчун, Төгөрөтө чалды эле, Төп*Жөлөө, таёо, жөлөп коюу, таяп коюу.

**ТӨПТҮК** Бардык жагынан шайкеш келгендик, тууралык, чынчылдык, толук ылайык келгендик. *Бай төптүгүн, ак ниеттүүлүгүн, сопулугун билгизгиси келгени бейм?* (Сыдыкбеков).

**ТӨР** 1. Боз үйдүн босогосуна карама-каршы бөлүгү, үйдүн түп жагы, жогорку жагы, сыйлуу орун. *Эбинен чыгып чалчаңдап, Төрдү ээлеп алыптыр* (Калмырза). *Татыбек жамбаштап төрдө жатат* (Байтемиров). *Аманкул төрдө отурган атасынын жанына барып отурду* (Абдукаримов). 2. Бийик тоодогу жайлоо, мал жайыты, тоонун жогорку жагындагы жайыт жер. *Тигил кең төрлөр биздин мал жайыт. Өрдөсө малы чыкпаган, Төрү сонун Суусамыр* (Барпы). *Төр-төргө чыккан түрлүү чөп, Төгүлүп гүлү буралган* (Казыбек).

**ТӨР КАРЫ** *диал.* Көпкө чейин күйөөгө чыкпаган кыз.

**ТӨРАГА** 1. Жыйындын, чогулуштун башчысы, башкаруучусу. 2. Соттун чечим чыгаруучу жетекчиси.

**ТӨРВӨЛЖҮН** *диал.* Шырдак. *Сарагул эне өзү жасаган төрбөлжүн төрүндө* (Касымбеков).

**ТӨРДӨН АТМАЙ** Үч тапан ойнунда узатасынан тигилген бир нече чүкөнүн ортоңку чүкөсүн карама-каршы жагынан атып тийгизүүчү чүкө оюну.

**ТӨРКҮ** Ички, ичкеридеги, ич жактагы, төр жактагы. *Төркү бөлмө. Төркү отурган – кадырлуу мейман.*

**ТӨРКҮЛӨ** Кыз күйөөгө чыккандан кийин, өз ата-энесинин үйүнө мейман катарында келүүсү. *Саарakan атасыныкына төркүлөп келгенде Ажар аны көргөн* (Баялинов). *Келин төркүнүнө төркүлөп барды* («Жомоктор»).

**ТӨРКҮЛӨӨ төркүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨРКҮЛӨТ төркүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨРКҮН** 1. Күйөөгө чыккан кыздын ата-энеси жана башка туугандары. *Төркүнгө келген кыздардай, Төрө болуп калыптыр* (Калмырза). *Алар төркүндөрүн кыдырып күндө бирөөнө конок болду* (Токомбаев). *Кыздын сыры төркүнгө маалым* (макал). *Күйөөсүз калган кызды колго алуу төркүндүн милдети экен* (Жакиев). 2. *өт.* Түпкү маани, тек. *Сөз төркүнүн байкас албаган Гүлнар сурай берди* (Сыдыкбеков). *Иштин төркүнү башка жакта экен* (Каимов).

**ТӨРКҮН-ТӨЗ** Жалпы эле төркүн тарап, күйөөгө чыккан кыздын, аялдын ата-эне, тууган-туушкандары. *Кимдин жары болосуң? Төркүн-төзүң кайда эле*? (Тоголок Молдо).

**ТӨРКҮНДӨ төркүлө** менен бирдей.

**ТӨРКҮНСӨӨК** Төркүнчүл.

**ТӨРКҮНСҮ** Төркүнү катарында көрүү, төр-

күн деп эсептөө. *Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт* (макал).

**ТӨРКҮНСҮН төркүнсү** менен бирдей.

**ТӨРКҮНСҮТ төркүнсү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨРКҮНСҮҮ төркүнсү** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨРКҮНЧҮЛ** Өз ата-энеси тарапка көбүрөөк тарткан, төркүнүнө абдан жакын. *Жаман инек музоочул, жаман катын төркүнчүл* (макал).

**ТӨРӨ I** 1. Колунда бийлиги бар ак сөөк адам, кадырлуу мырза, башкалар анын сөзүнө баш ийген кадырман, баатыр. *Төрө төштүк бели бар* («Манас» С.О.). *Төрө Манас баатырдын, Балбандыгы эмей неткени* («Манас»). *Эр Табылды төрөбүз, Оозуңдан чыккан сөзүңдү Нур жаагандай көрөбүз* («Эр Табылды»). *Төрөнүн уулун кошо алып, Төбөнү чапкан дегениң* (Калмырза). *Төрт ай болгон кеткени – Төрөмдүн аман жеткени* (Калмырза). 2. *өт.* Эң мыктысы, кадырлуусу. *Ургаачынын төрөсү, Тогуз уулдун энеси* («Эр Төштүк»). *Куш төрөсү Буудайык* (Барпы).

**ТӨРӨ II** Боюнан бошонуу, бала көрүү. *Оморду да өзүндөй эле эне төрөгөн* (Сыдыкбеков). *Эр төрөгөн эне өлбөйт* (макал). *Жаш төрөгөн аял. Экини төрөгөн аял.*

**ТӨРӨ БООР** Бирөөгө жакынсынганды, жан тартканды билбеген, боору жок, кайдигер мамиле жасаган. *Эч ким менен иши жок, өзү төрө боор неме окшойт* («Ала-Тоо»).

**ТӨРӨ КЫЯЛ же ТӨРӨ ПЕЙИЛ** 1. Өзүн төрө катарында эсептеген менменсинүүчүлүгү бар. 2. Ийикпеген, тоң моюн. *Төрө кыял кызматкер. Төрө пейил жетекчи.*

**ТӨРӨ ТОГООЛ БОЛУУ** 1. Белгилүү бир маселе боюнча көз караш, пикир жагынан чечкиндүү түрдө келише албоо, ар кимиси өз пикиринде калуу. 2. Урушпастан, салгылашпастан тарап кетүү (согушуп жаткандар жөнүндө).

**ТӨРӨЛ төрө** этишинин туюк мамилеси. *Төрөлгөнүмө үч ай болгондон кийин согушка кетиптир* (Жакиев).

**ТӨРӨЛҮК** Төрөнүн абалы, төрөгө таандык сапат. *Төрөлүгүн билдирүү. Төрөлүгү байкалуу.*

**ТӨРӨЛҮҮ I** Төрөсү бар. *Төштүктүн Төштүк экенин, Төрөлүү журт көрдү эми* («Эр Төштүк»).

**ТӨРӨЛҮҮ II төрөл** этишинин кыймыл атоочу. *Кайра төрөлүү.*

**ТӨРӨӨ төрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨРӨСҮ төрөсүн** менен бирдей.

**ТӨРӨСҮН** Өзүн төрө катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, керилип-чоюлган төрө киши катарында көрсөтүүгө тырышуу. *Төшөктөсүң көөнүң жай, Төрөсүнүп чоюлбай, Таанныбасаң баш көтөр* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ТӨРӨТ I** Төрөө абалы, төрөлүү абалы. *Бубунун төрөтү жеңил болду* (Сыдыкбеков).

**ТӨРӨТ II төрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨРӨТ ҮЙҮ** Төрөө мезгилинде врачтык жардам көрсөтүү үчүн ылайыкталган үй.

**ТӨРӨТАЙ** 1. Сабырдуу, токтоо. 2. Энчилүү ат.

**ТӨРӨТТӨН КАЛУУ** Төрөбөй калуу.

**ТӨРӨЧҮЛ** Төрө кыялдуу, төрө пейилдүү.

**ТӨРӨЧҮЛДҮК** Төрө пейилдүүлүк, төрө кыялдык. *Төрөчүлдүк, туугандык. Дагы башка шумдуктуулар табылар* (Токомбаев).

**ТӨРӨЧҮЛҮК төрөчүлдүк** менен бирдей.

**ТӨРСӨГӨЙ** Төрсөйүп, ичине жел толтурулган немедей тоголок тартып турган, бөрсөйгөн, торсогой.

**ТӨРСӨЙ** Тоголок тартып дөмпөйүп туруу, бөрсөйүп чыгып туруу.

**ТӨРСӨЙТ төрсөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨРСӨЙҮҮ төрсөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨРТ** 4 саны, эсеби. *Төрт бала ойноп турушкан* (Сыдыкбеков). *Төрт кабаттан үй салып, Түгөл баары орноду* (Осмонкул). *Ошондон бери Барпы төрт жолу шаарга барды* (Байтемиров).

**ТӨРТ АМАЛ** *мат.* Арифметиканын кошуу, бөлүү, алуу, көбөйтүү амалдары. *Башталгыч класстарда төрт амалды билүү негизги талаптардан.*

**ТӨРТ АЯКТУУ** 1. Төрт аягы бар. Төрт аяктуу стол. 2. *өт.* Мал. *Төрт аяктуудан түгү жок кедейлердин бактысын ачты* («Эркин Тоо»).

**ТӨРТ КӨЗҮ ТҮГӨЛ** Бардыгы көз алдында, чогуу, эч кимиси калбай. *Агайындар! Төрт көзүңөр түгөл, орой көзүңөр чарай отурасыңар, ийри отуруп түз кеңешели* («Ала-Тоо»).

**ТӨРТ КҮЛ** *к.* **төрткүл.**

**ТӨРТ ТАРАБЫ КЫБЫЛА** 1. Телегейи тегиз, иши оңунда, бардыгы оюндагыдай, каалаганындай. *Атабектин төрт тарабы кыбыла болду* (Жантөшев). 2. Каалаган жагына жол ачык, кайда барсаң өз эркиң, жолуң бош деген мааниде. *Кайда барсаң анда бар, төрт тарабың кыбыла* («Ала-Тоо»). **В.: Туш тарабы кыбыла.** *Туш тарабың кыбыла, колу-жолуң бош* («Ала-Тоо»). **Төрт жагы кыбыла.** *Анын төрт жагы кыбыла* («Чалкан»).

**ТӨРТ ТҮЛҮГҮ ШАЙ** Телегейи тегиз, бардыгы бар, шайма-шай, толук, жетиштүү. *Ааламдан чыккан бай эле, Төрт түлүгү шай эле* («Эр Төштүк»). *Айрыкча атам дүнүйөсү түгөл, төрт түлүгү шай болгондой, кубанганынан чекеси да тердеп кетти* (Жантөшев).

**ТӨРТ ТҮЛҮК** Үй айбандарынын (малдын) төрт түрү: жылкы, уй, төө, кой-эчки. (Кээде кой-эчки экиге бөлүнүп, беш түлүк деп да айтылат). *Төрт түлүгүн чачалы* («Манас» С.К.). *Төрт түлүктүү кара мал, Төртөөнөн*

*башка айрып ал* («Эл адабияты»). *Жайлоодо жашап чардашып, Төрт түлүк чарба малыңар* (Осмонкул).

**ТӨРТ ТҮЛҮКТҮҮ** Малдуу, бай, оокаттуу.

**ТӨРТ ЧАЛЫЯР** Мукамбет пайгамбардын эң жакын төрт жолдошу, Абубакир, Омор, Осмон, Аалы. *Төрт чалыяр дагы бар* («Манас» С.О.).

**ТӨРТ ЧАРЧЫ** Бардык жактары бирдей келген, төрт бурчтук формасындагы. *Зарыл төрт чарчы актын четин кызыл жибек жип учуктаган ийнеси менен илип, тез-тез саят* (Сыдыкбеков).

**ТӨРТ ШЫЙРАГЫ ӨЛБӨГӨН ЖЕРДЕ КАЛУУ** *к.* **өлбөгөн төрт шыйрагы калуу.**

**ТӨРТКҮЛ** 1. Төрт бурч төрт бурчтук. 2. Коргон, чеп, сепил. 3. Байыркы шаардын, калктуу жерлердин урандысы. *Бузулган эски төрткүлдөй, Атаңдын шаар калаасы* («Саринжи-Бөкөй»). *Көкүрөгү ачык, тизесине жете шалбыраган ак желетке үстүнөн кош бел боо курчанган. Башында төрткүл жаңы топу* (Мавлянов).

**ТӨРТӨӨ** Төрттүн жамдама сан атоочу. *Берки төртөө жикийишет үңүлүп* (Токомбаев). *Токтогул, Курман, Жаңыбай, Турабыз ушул төртөөбүз* (Токтогул).

**ТӨРТҮНЧҮ** Төрттүн иреттик саны. *Төртүнчү класс. Төртүнчү катар.*

**ТӨРТҮНЧҮЛӨР** *тар.* Большевиктер. Совет бийлигин жактагандар. Кызылдар. *Бул диназар тээ илгертен өкүматчыл болучу. Төртүнчүлөргө барып кошулуп, мусулманстан курабыз дегендерге каршы күрөшкөн* (Абдыраманов).

**ТӨРҮНӨН КӨРҮ ЖУУК** Карылыгы жетти, өмүрү аяктап калды, өлөрүнө жакын калды деген мааниде. *Атаңдын төрүнөн көрү жуук, балам, эми кичине эмессиң, акыл-эсиңди токтот* («Ала-Тоо»). *Күндөн күнгө начарлап, төрүнөн көрү жуук болуп бара-тат* (Жантөшев). **В.: Төрүнөн көрү жакын.** *Өсөөрүм бүттү, төрүмөн көрүм жакын, өлөрүм калды* (Осмоналиев).

**ТӨРЧҮЛ** Төргө отурганды жакшы көргөн, төрдө олтурууну каалаган. 2. *лингв. эск.* Кыргыздын төл сөздөрүндө сөз аягында учурабаган ж, д, г тамгалары менен тыбыштарынын аталышы.

**ТӨТӨ** Кыска, туура, жакын. *Курмандын үйүнүн тушунан түшө калалы деп, төтө жолго салдык* («Ала-Тоо»).

**ТӨТӨГӨ** Боз үйдүн сыртынан үзүгүнүн этек жагын бастыра тартылуучу, кызыл менен актан оюп, чачык тагып жасалган жасалга. *Төкмө чачык төтөгө, Төгүлтүп салган үйүнө* (Тоголок Молдо). *Үзүк этегине кырка тартылган төтөгө, кылдыроoч* (Жантөшев).

**ТӨТӨГӨ БАШТЫК** Боз үйдө уuктун ченине (керегенин башына) илинип коюлуучу, ак жана боёлгон кызыл кийизден шырып, аяк кап сыяктуу кылып тигилген жасалга.

**ТӨТӨЛ** *диал.* Шылдың, мыскыл, келеке.

**ТӨТӨЛӨ** Кыска, туура, жакын жолго салуу, кыскасына салуу. *Атан төөнү жетелеп, Адыр жолун төтөлөп* (Тоголок Молдо). *Төтөлөп айтсак кай жакта, Жакынбы сиздин элиңиз?* («Мендирман»).

**ТӨТӨЛӨӨ** **төтөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨТӨН** Айрыкча, өзгөчө, бөтөнчө, эң, абдан. *Анда төтөн сонун болуптур, кызыңар Марусаеванын уулуна чыгыптыр* (Бектенов).

**ТӨТӨП** Көңүлгө төп, толук ылайык. *Төрө Манас өлгөн соң, Төтөп болгон көөнүмө, Ак кула сенден айрылдым* («Манас»).

**ТӨХ** Өкүнүчтү билдирүүдө колдонулат. *Ах! Төх! Дагы жаңылыптыр уста. Эми таптакыр чодоюп кыска* (Борбугулов).

**ТӨШ** 1. Дененин курсактан моюнга чейинки алды жак бөлүгү. *Койдун төшү. Төш чөнтөк. Карчыга басып үкүнү, Оюп кирди төшүнөн* (Тоголок Молдо). *Экөө тең дудукча төштөрүн кагып обдулушат* (Бейшеналиев). 2. Тоонун боору, тоо бетинин жогорураак жагы. *Айылдын жогору жагындагы чалкалама төштө ыңкыган койлор* («Ала-Тоо»). *Жолойдун көөнүн жай кылып, Калың кол менен Жолойду, Төшкө таяп салды дейт* («Манас»). *Жапар төштөгү эгиндерди кыдырып көрүп, кайра жакага келе жаткан кези болучу* (Баялинов). 3. Сүбөө, акырек жана кабыргаларды туташтырган кемиктүү сөөк, көкүрөк бөлүгүн туташтырган сөөк. *Эрдик кылып кой сойду, иттик кылып төш тартты* (макал).

**ТӨШ ЖАРЫ** Кулачтын жарымы. *Көкө узундугу төш жары келген эки келтек жасады* (Касымбеков).

**ТӨШКӨ ЖАТАР** *тар.* Токолдун баласы же күңдөн никесиз төрөлгөн бала (никеси жок кишиден төрөгөн бала).

**ТӨШӨ** Жазып салуу, бир нерсенин үстүнө тизип, тегиздеп коюу. *Бурма эшиктин алдындагы супага кийиз төшөдү* (Каимов). *Таш төшөгөн көчө. Асфальт төшөгөн аянтча.*

**ТӨШӨГҮН БУЛГОО** Бузуктук кылуу, көз жазгыруу. *Тоодой-таштай кишинин төшөгүн булгады, – деп эл айың кыла баштады* («Чалкан»). **В.: Төшөгүн бастыруу.** *Төшүмдү кантип ачтырам? Төшөгүм кантип бастырам?* (фольк.). **Төшөгүн тепсетүү.** *Сен менин төшөгүмдү тепсетип жүрөсүң, – деп күнөөлөдү* («Ала-Тоо»). **Төшөгүн басуу.** *Төрө баатыр Семемдин, Төшөгүн бассам оңомбу?* («Семетей»).

**ТӨШӨК** 1. Ичине кебез же жүн салынып кездеме менен тышталган, алдыга салынып же жамынып жатууга ылайыкталган төшөнчү. *Жылдызкан ордунан акырын туруп, төшөк салууга камынды* (Байтеми-

ров). *Осип төшөктө жатып күлүмсүрөп кубанды* (Сасыкбаев). *Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт* (макал). *Төшөккө жакшы жатпадың, Бир кишиге батпадың* (Калмырза). 2. Жерге отурган адамдардын астына салууга ылайыкталып кабып жасалган, эни тайкы, узунча төшөнчү, көрпө. *Апам абдан чарчаган көрүнөт, төшөккө жатар менен уйкуга кеттик* («Ала-Тоо»). *Шарип чуркап барып бурчтагы узун курак төшөктү жая салды* (Бейшеналиев).

**ТӨШӨК БАСАР ЖЕ ТӨШӨК БАСТЫ** *диал. этн.* Үйлөнгөндөн соң үч күнгө чейин жаш келиндин үйдөн чыгууга мүмкүн богогон үйлөнүү салты.

**ТӨШӨК ЖАҢЫРТУУ** Экинчи жолу үйлөнүү, кайрадан аял алуу. *Апамдын көзү өткөндөн кийин, атам айлыбыздагы бир аялга төшөк жаңыртты* («Кыргызстан маданияты»).

**ТӨШӨК КӨТӨР** Үйлөнүүдөгү кааданын бири. Нике кыйылгандан кийин жеңелери кызды ээрчитип келип күйөөнүн койнуна алгач жаткырышы. *Окуп кутпа дубасын, Кызга нике кыйдырды, Кызга нике байлады, Төшөк көтөр жеткенче, Кыргыйдай көзү жайнады* («Манас» С.О.).

**ТӨШӨК САЛАР** Кыз бергенде күйөө-кыздын төшөгүн салганы үчүн кыздын жеңесине берилүүчү сыйлык, белек. *Жеңкетайды, эшик ачарды, төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев).

**ТӨШӨК ТАЛАШ** Үйлөнүү, кыз узатуу салтындагы ырымдардын бири. Узап жаткан кызга үп катары берилген мүлктөрдү, айрыкча төшөнчү-орундарды талашуу, кыз тараптар бербейбиз – деп талашып, акысына сыйлык талап кылуу. Адатта, күйөө тарап төшөнчү-жууркандар үчүн аялдарга акысыйлык беришет. *Төшөк талаш деген сөз, Так ошондон калыптыр* («Манас» С.О.).

**ТӨШӨК ТАРТУУ** Ооруп жатып калуу. *Мен төшөк тартып жатканыма бүгүн беш күн болду* (Жантөшев). *Карылык келип бир жактан, Төшөк тартып ооруптур* («Мендирман»).

**ТӨШӨКТӨШ** Бир төшөктө жатышкан, бирге жатуучу, коюндаш (эрди катынга карата). *Төшөктөш зайбы сен болсоң, Төштөшкөн досу мен элем* («Эр Табылды»).

**ТӨШӨЛ** **төшө** этишинин туюк мамилеси.

**ТӨШӨЛГӨ** *а.ч.* Малдын астына салына турган жумшак, кургак чөп, саман.

**ТӨШӨН** **төшө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТӨШӨНЧҮ** Төшөнүү, жамынуу үчүн колдонулуучу жууркан-төшөктөр. *Бүбүш шашып-бушуп төшөнчүсүн жыйды да сыртка чыкты* («Ала-Тоо»). *Эки аял балдардын ороо-чулгоо, төшөнчүлөрүн иреттеп жаткан экен* (Убукеев). *Мандикерлер жатуучу барактарда эски одеялдан башка эч кандай төшөнчү жок* (Абдукаримов).

**ТӨШӨӨ** **төшө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТӨШӨТ** **төшө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТӨШТӨ** Төш тарапка, төштү карай жылуу, тоо этектеп төштү карай жүрүү. *Төштөп жайылган кой-эчкилер.*

**ТӨШТӨН** Көкүрөгү, көөдөнү бирөөнүн же көөдөндүү жаныбарлардын төшүнө окшоп кетүү. *Ач арстандай төштөнүп, Алгыр бүркүт көздөнүп, Төштүк эми ошондой* («Эр Төштүк»).

**ТӨШТӨШ** 1. Көрүшүүдө, достошууда төш тийгизишүү, көкүрөк тийиштирүү. 2. Бири-бирине кыр көрсөтүшүп көкүрөк тирешүү. *Кээде челише да, төштөшө да кетебиз* (Бейшеналиев).

**ТӨШТӨШТҮР** **төштөш** этишинин аркылуу мамилеси. *Төштөштүрүп достоштуруу.*

**ТӨШТӨШҮҮ** **төштөш** этишинин кыймыл атоочу. *Шашпа дос, далай төштөшүү бар* (Бейшеналиев).

**ТӨШТҮК** *тар.* Жоокердин төшкө, көкүрөккө тартууучу же кийип алуучу чопкуту, сооту, калканчы.

**ТӨШҮ ТҮКТҮҮ ЖЕР УРСУН** Берилген убаданы, шертти аткарууга карата айтылган ант, касам. *Убадама турбасам, төшүү түктүү жер урсун* («Ала-Тоо»).

**ТӨШҮН КАГУУ** Курулай менменсинүү, кыйынсынып өзүн айрыкча белгилеп, жогору көрсөтүүгө тырышуу. *Жөн эле кыйынмын деп, төшүн кагып чамына бергенден пайда жок* (Байтемиров). *Намыс сөзүн козгогондо отко, чокко түшүүгө даяр болуп, төшүн каккан жигиттер Нөкөндү коштой кетишти* («Ала-Тоо»).

**ТРАГЕДИЯ** 1. Ички катуу күрөш, кагылышуулар, адамдын ички күчтүү сезимин, коомдогу катастрофаны көрсөткөн, аягы көбүнчө каармандын өлүмү менен бүтүүчү драмалык чыгарма. 2. Чоң кайгы, апат.

**ТРАГЕДИЯЛУУ** Трагедиясы бар, кайгылуу. *Кычан кутулбөгөн трагедиялуу окуяны жай, токтоо, баштан аяк түгөл айтып берди* (Бейшеналиев).

**ТРАГЕДИЯЛЫК** **трагедиялуу** менен бирдей.

**ТРАГИЗМ** 1. Драмалык же музыкалык чыгармалардагы жана аны аткаруудагы трагедиялык элемент, трагедиялык негиз. *Сюжеттин трагизми. Образдагы трагизм.* 2. Кандайдыр бир иштин же окуянын трагедиялуу, оор, кайгылуу, капалуу жагы.

**ТРАГИК** 1. Трагедиялык ролду аткаруучу актёр. 2. эск. Трагедиянын автору, трагедиялык чыгармаларды жазуучу автор.

**ТРАГИКОМЕДИЯ** *адаб.* Драманын трагедия менен комедия жанрларынын бирик-

тирилип, татаал айкалышынан жаралган жанр.

**ТРАГИФАРС** 1. Трагикалык жана комикалык элементтери бар драмалык чыгарма. 2. Кайгылуу жана ошону менен кошо күлкүлүү болгон окуя.

**ТРАДИЦИЯ** Муундан муунга өтүп турган жана узак убакытка сакталып турган социалдык жана маданий мурас. *Жакшы традиция. Элдик традиция. Традиция болуп кетүү.*

**ТРАДИЦИЯЛУУ** Традициясы бар, традицияга ээ, салт болуп калган. *Бул адабий ыкма классикалык орус адабиятынан бери келе жаткан традициялуу ыкма* («Ала-Тоо»).

**ТРАДИЦИЯЛЫК** **традиция** дегенге таандык.

**ТРАЕКТОРИЯ** Кандайдыр бир учуп бараткан телонун же чекиттин мейкиндикте тарткан жолу, учуп бара жаткан октун басып өткөн жолу.

**ТРАЙБАЛИЗМ** Уруучулук. Мамлекет аппаратында өзүнүн бир уруудан чыккан адамдарын колдоо.

**ТРАЙКЕ** Кебезден токулган тыш кийимдик кездеме. *Шарип менен Сапар чыт, трайке алышты* (Бейшеналиев). *Кулу калпанын үстүндө пахтасын жукараак салдырып жасаткан кара трайке бешмант* (Жантөшев).

**ТРАКТ** Чоң даңгыр жол, негизги чоң жол. *Ош-Памир трактасы.*

**ТРАКТАТ** 1. Кандайдыр бир айрым маселе, проблема каралган илимий темадагы чыгарма. *Философиялык трактат. Саясий-экономикалык трактат.* 2. *диал.* Эл аралык келишим.

**ТРАКТИР** 1. эск. Ресторандуу мейманкана. 2. Төмөнкү разряддагы ресторан.

**ТРАКТИРЧИ** *сүйл.* Трактир ээси.

**ТРАКТОР** Эгин эгүүчү, культиватор, соко сыяктуу айыл чарба шаймандарын ж.б. чиркеп сүйрөөчү машина. *Дөңгөлөктүү трактор. Гусеницалуу трактор.*

**ТРАКТОРИСТ** **тракторчу** менен бирдей. *Кел аба кайра баштап күрөшөм дейт, Караса тракторист чоң Батмажан* (Осмонов). *Жатыптыр тракториcттер тамактан соң, Жай жели жан сергитет кырда жорткон* (Абдыраманов).

**ТРАКТОРЧУ** Трактор айдаган адам.

**ТРАМВАЙ** Электр менен жүрүүчү шаардык темир жол, ошол темир жолдун вагону же бир нече вагондон турган поезди. *Трамвай, автомобилдер бака-шака түшүп, каршы-терши жүрүп жатат* (Баялинов). *Алдымдагы талбас тулпар трамвай, Айландырды Москваны дем албай* (Шамшиев).

**ТРАМПЛИН** *спорт.* Секиргенде түрткү болуп жана секириктин узундугун же бийиктигин чоңойтууга жардам берүү үчүн ылайыкталып жасалган атайын орун, жай. *Трамплинден сууга секирип түшүү. Лыжалык трамплин.*

**ТРАНЗИТ** Товарды бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө ортодогу өлкө аркылуу өткөрүү.

**ТРАНЗИТТИК** Транзитке негизделген, транзит укугу бар.

**ТРАНСКРИПЦИЯ** *линг.* Кандайдыр бир тилдин тыбыштарын так берүү же ошол тилдин жазуу системасынан айырмаланган диалектилерди тамгалар, шарттуу белгилер менен так берүү жана ушундай белгилердин белгилүү бир системасы.

**ТРАНСКРИПЦИЯЛА** Транскрипция жолу менен берүү, транскрипция жүргүзүү.

**ТРАНСКРИПЦИЯЛАН** **транскрипцияла** этишинин өздүк мамилеси.

**ТРАНСКРИПЦИЯЛОО** **транскрипцияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ** *линг.* Бир тилдин жазуу тамгаларын башка бир тилдин жазуу тамгалары менен берүү.

**ТРАНСЛЯЦИЯ** Сөздү, музыканы ж.б. экинчи бир алыстыктагы аралыкка радио аркылуу берүүчүлүк.

**ТРАНСПАРАНТ** 1. Бетинде сүрөт же жазуусу бар рамага керилген кездеме же кагаз. 2. Сызыксыз кагазга жазганда жазуу саптары түз болуш үчүн анын астына коюлуучу кара сызыктуу калың барак кагаз.

**ТРАНСПОРТ** Эл чарбасынын жүргүнчүлөр менен жүктөрдү ташууга байланыштуу болгон тармагы, ошондой эле ташуу каражаттарынын ар кандай түрлөрү. *Шаардын калкын транспорт менен тейлөө алда канча жакшырды. Автомобиль транспорту. Темир жол транспорту.*

**ТРАНСПОРТЁР** Жүктөрдү ташуу, экинчи бир аралыкка жеткирүү үчүн ылайыкталган түзүлүш.

**ТРАНСПОРТИР** Ченөө жана бурчтарды түзүү үчүн колдонулуучу жарым айлана жана сызгыч түрүндөгү градустарга бөлүнгөн сызгыч.

**ТРАНСПОРТТОО** Бир жерден экинчи жерге жүк жеткирүү, жиберүү, алып баруу, ташуу.

**ТРАНСПОРТТУК** **транспортко** таандык. *Транспорттук каражаттар. Транспортук чыгымдар.*

**ТРАНСПОРТЧУ** Транспорт жумушчусу, транспорт жагында иштөөчү, транспортто иштеген киши.

**ТРАНСФЕРТ** *экон.* Чет элдик валютаны же алтынды бир өлкөдөн башка өлкөгө которуу. Ысмы жазылган баалуу кагаздарды башка инсанга ээ болуу укугун берүү.

**ТРАНСФОРМАТОР** Электрдин өзгөрүлмө тогунун күчүн көтөрүү же басандатуу үчүн колдонулуучу аппарат.

**ТРАНФОРМАЦИЯ** Трансформатордун жардамы менен электр тогун өзгөртүүчүлүк.

**ТРАНШЕЯ** 1. Коргонуу позициясынын ок атуу точкаларынын бардыгын туташ бир сы-

зыкка бириктирип турган кууш, терең чункур. *Душмандар дөңсөө жерлерди бүт ээлешип, кырка кырга траншея казып бекемдешиптир* (Касымбеков). 2. Бир нерсени сактоо, салып коюу ж.б. үчүн пайдаланылуучу аң, чункур. *Силос ачытылган траншея.*

**ТРАП** Пароходго, самолётко ж.б. кирип жана чыгуу үчүн, көтөрүлүп же түшүү үчүн ылайыкталган тепкич.

**ТРАПЕЦИЯ** 1. Эки жагы параллелдүү төрт бурчтук. 2. Эки жипке илинген гимнастикалык прибор.

**ТРАССА** 1. Кыймылдын, жолдун, каналдын ж.б. картада же жер бетинде белгиленген багыты, калтырылган же белгилүү болуп калган из. *Жаңы каналдын трассасы. Жаңы трасса боюнча жол салуу. Жарык кылуучу октун трассасы.* 2. Жол. *Автомобиль трассасы.*

**ТРАФАРЕТ** 1. Сүрөт, кооздук түшүрүлүүчү үлгү. 2. Кесилип алынган тамгалардан, цифралардан жазылган жазуу. 3. Жаңылыгы жок нерсе. 4. *адаб.* Адабияттагы поэтикалык речте дайым эле колдонула берүүчү саптар, уйкаштар, бири-биринен такыр айырмасы жок ырлар, аңгеме, очерктер. 5. *өт.* Ойлонуп отурбастан орундата берүүчү, мурдагылардын изи менен кетүүчү өнөкөт иш. *Темаларың белгилүү болуп турат. Баары абстракттуу, трафарет, деп Узаков Шариптин колуна дептерип кайра карматты* (Бейшеналиев).

**ТРАФИК** *инф.* Чыккан-кирген берилиштердин көлөмү.

**ТРАХОМА** *мед.* Көздүн жугуштуу оорусу. *Трахома эң эле коркунучтуу.*

**ТРАШМАНКЕ** Төрт дөңгөлөктүү, киши түшүүчү жеңил араба. *Мурун бекеттер ортосунда эки же үч ат чеккен, доголоруна коңгуроо таккан почтолор, трашманкелер жүрүп турчу* (Сасыкбаев).

**ТРЕЙДЕР** *экон.* Ишти өзүнүн эсебинен жана жоопкерчилиги менен жүргүзгөн, чечимдерди өз алдынча кабылдап, бизнести жеке өзү башкарган ишкер.

**ТРЕК** *спорт.* Велосипедде жарышууга же башка жарыштарга арналган айланма жол.

**ТРЕНАЖ** Машыгуучу көнүгүүлөрдүн системасы.

**ТРЕНАЖЁР** Машыгууларга арналган атайын аппарат.

**ТРЕНЕР** Машыгууга жетекчилик кылуучу киши (мис., спортто).

**ТРЕНИНГ** *пед.* Ар топтогу инсандар аралык мамилелердин өнүгүүсүнө, окуу материалынын интенсивдүү өзгөрүлүшүнө жана катышуучулардын активдүүлүгүнүн жогорулашына көмөктөшүүчү методдор колдонулуучу окутуу формасы.

**ТРЕСТ** *экон.* 1. Бир тармактагы бир нече ишкананын бирикмеси жана ушундай бирикменин борбордоштурулган башкармасы. 2. Өндүрүштүк операцияларды жана сатуу иштерин борбордоштуруу жолу менен үстөк пайда алуу максатын көздөгөн, коммерциялык жана өндүрүштүк өз алдынчалыгын жоготуу менен мүнөздөлүүчү капиталисттик монополиянын формаларынын бири.

**ТРИБУН** 1. *тар.* Байыркы Римдеги ар кандай мансап адамынын наамы. *Элдик трибун. Согуш трибуну.* 2. Коомдук ишмер, көрүнүктүү оратор жана публицист. *Революциянын трибуну. Трибун акын.*

**ТРИБУНА** 1. Оратор чыгып сүйлөөчү секиче. 2. Стадиондордо, аянттарда эл көрүүчүлөр үчүн же парадды кабыл алуучу, демонстрацияны куттуктоочу адамдарга арналып көтөрүңкү салынган жай. *Стадионун трибунасы. Ипподромдун трибунасы.*

**ТРИБУНАЛ** *юр.* Согуштук жана айрыкча оор граждандык кылмыштарды кароочу чукул чакырылган атайын сот органы. *Согуштук трибунал. Революциялык трибунал.*

**ТРИГОНОМЕТРИЯ** Геометриянын үч бурчтуктун жактары менен бурчтарынын ортосундагы өз ара катыштарды үйрөнүүчү бөлүмү.

**ТРИГОНОМЕТРИЯЛЫК** **тригонометрия** дегенге таандык. *Тригонометриялык таблица.*

**ТРИЕР** Эгинди сорттоочу жана тазалоочу айыл-чарба машинасы. *Бир келин триерди айлантып, бири чакалап буудай куюп жатат* (Сыдыкбеков). *Триерди тегеректеп канчасы, Кубанышат машинага жанаша* (Токомбаев).

**ТРИКО** 1. Жүндөн токулган сырт кийимдик кездеме. *Алыбектин боз трико менен тышталган ичигинин эки этеги далбырттап, белдеги курду үзүп төмөн карай учуучудай көрүнөт* (Жантөшев). 2. Трикотаждан тигилип денеге чапталыша тартылып турган кийимдер.

**ТРИКОТАЖ** 1. Машина менен согулган кездеме. *Туюк токулган, ийи майда трикотаж боёктуу ысык сууга чыланып, алкакка түрүлүп жатты* (Сасыкбаев). *Фабрикада иштеймин, Трикотаж чыгарам, Иштөө ыгын издеймин, Бекер эмес убарам* (Үмөталиев). 2. Ошондой кездемеден жасалган фуфайка, джемпер ж.б. буюмдардын жалпы аты.

**ТРИКОТАЖДЫК** **трикотаж** дегенге таандык. *Трикотаждык буюмдар. Трикотаждык фабрика.*

**ТРИЛЛЕР** *адаб.* Детективдик-окуялуу жанрдын бир түрү.

**ТРИЛЛИОН** Миң миллиардга тең сан.

**ТРИЛОГИЯ** *адаб.* Мазмуну бирдиктүү, каармандары биринен экинчисине уланып кеткен, чоң-чоң үч бөлүктөн турган адабий чыгарма. *«Манас» трилогиясы.*

**ТРИО** *муз.* 1. Үч үнгө же үч музыкалык аспапка арналган ар кимисинин өз партиясы болгон музыкалык чыгарма. 2. Үч атка-

руучудан (ырчылардан же музыканттардан) турган ансамбль.

**ТРИПТИХ** *сүр.* Живопись чыгармасы (сейрек графика же рельеф түрүндөгү скульптура катары). Ал жалпы бир темадагы өз алдынча турган үч бөлүктөн турат.

**ТРИУМФ** 1. *тар.* Байыркы Римде жеңип чыккан аскер башчысынын салтанаттуу түрдө борбор шаарга кириши. 2. Чоң жеңиштин, ийгиликтин урматына арналган салтанат, чоң жеңиш, эң сонун ийгилик. *Бүткүл дүйнөлүк кыргыздардын Курултайын уюштуруу жана «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөө эгемендүүлүктүн триумфу болду.*

**ТРИУМФАЛДЫК** 1. Триумфатордун салтанаттуу жүрүшү үчүн кызмат кылган, кандайдыр бир триумфтун, жеңиштин, салтанаттын урматына арналган. *Триумфалдык экипаж. Триумфалдык дарбаза.* 2. Салтанаттуу, жеңиштүү. *Триумфалдык жүрүш.*

**ТРИУМФАТОР** 1. *тар.* Байыркы Римде триумф менен тосуп алынуучу жеңишке жетишкен аскер башы. 2. Эң сонун ийгиликке, жеңишке жетишкен адам.

**ТРИУМФАТОРДУК** **триумфатор** дегенге таандык.

**ТРОЛЛЕЙБУС** Электр кубаты менен жүрүүчү көп кишилик жүргүнчүлөр унаасы, шаардык транспорттун рельсасыз электр менен жүрүүчү бир түрү.

**ТРОМБ** *мед.* Кан тамырларды бүтөп калуучу уюган кан бүдүрү.

**ТРОМБОЗ** *мед.* Кан тамырдын ичинде тромбдун жаралуу абалы.

**ТРОМБОН** *муз.* Түтүгү өтө узун, ооз жагы кенен үйлөмө музыкалык аспап.

**ТРОП** *адаб.* Айланыш, кандайдыр бир нерсени же көрүнүштү образдуу түрдө сыпаттап көрсөтүү үчүн сөздөрдүн же сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн башкачараак мааниде колдонулушу, нерселердин, көрүнүштүн башка нерсе же көрүнүшкө өтүп кетиши.

**ТРОПИК** 1. Экватор менен жарыш турган жана андан түндүккө же түштүккө 23° 27 алыстыктагы жер шарынын бетиндеги элестетилген эки тегеректин бири. *Рак тропиги* (экватордон түндүк жактагы тропик). *Козерог тропиги* (экватордон түштүк жактагы тропик). 2. Ошол тегеректердин ортосунда, экватордун эки жагына жайлашкан жер шарынын ысык алкагы.

**ТРОПИКТИК** **тропик** дегенге таандык.

**ТРОПОСФЕРА** *астр.* Атмосферанын төмөнкү негизги катмары.

**ТРОС** *тех.* Зымдан, кендир буласынан жасалган абдан бекем, бышык жоон аркан.

**ТРОСТНИК** *а.ч.* Дан өсүмдүктөр тукумундагы көп жылдык чөп өсүмдүк, машагы 3–7 гүлдүү, сырткы кабыгы жаргак сымал, катуу.

**ТРОТУАР** Көчөнүн, аянттын эки жагында көбүнчө бир аз көтөрүңкү жасалган (таш, плита, асфальт ж.б. төшөлгөн) жөө кишилер жүрүүчү жол. *Тротуардын эки четиндеги бак-дарактар асфальттуу көчөгө салкындык берет* (Бейшеналиев).

**ТРОФОЛОГ** Трофология боюнча адис.

**ТРОФОЛОГИЯ** Тамак, азыктануу боюнча илим.

**ТРОЦКИЗМ** *тар.* XX кылымда Россияда пайда болгон меньшевизмдин бир түрү, жумушчу кыймылынын сол радикалдык багыты.

**ТРОЦКИСТ** Троцкизмдин жолун жолдоочу.

**ТРУБА** Кубур, көбүнчө суюк, буу, газ ж.б. агызуу, өткөрүү үчүн колдонулуучу түтүк, керней. *Суу трубасы. Канализация трубасы.*

**ТРУБАДУРЛАР ПОЭЗИЯСЫ** *адаб.* XII–XIII кылымдарда Францияда өздөрү ыр чыгарып, музыкага салып, көпчүлүк арасында аткаруучу ырчылардын лирикалык ырлары.

**ТРУБКА** Телефон аппараттарынын түздөн-түз угуу жана сүйлөө үчүн кызмат кылуучу бөлүгү. – *Түшүндүм! Кыскарт эми! – деди Курманов трубканы үйлөп* (Баялинов).

**ТРУБОПРОВОД** Суюктукту, бууну же газды аралыкка берүү үчүн жасалган трубалардын тиешелүү жабдуулары (чорго, *тээк* ж.б. ) коюлган үзгүлтүксүз тизмеги. Кубурөткөргүч.

**ТРУППА** Театрдын же цирктин артисттеринин жамааты. *Опералык труппа. Балеттик труппа.*

**ТРУСЫ** Көбүнчө сатинден тигилүүчү спорттук кыска дамбал, ошондой эле аялдар менен эркектердин ошол түрдөгү ич кийими. *Жамалбек трусычан болуп тоокторго жем чачып жүргөн* (Каимов).

**ТРЮМО** Бийик чоң күзгү.

**ТУАЙТ** Итти айдактоодо, тукурууда колдонулат.

**ТУАЛЕТ** *к.* **дааратканa.**

**ТУБАГАН** *сүйл.* Тубанаак.

**ТУБАНААК** Тез-тез тууй турган, көп тууй турган (көбүнчө малга, үй канаттууларына карата).

**ТУБАР I** Гүлдүү жибек кездеменин бир сорту. *Жашыл тубар көйнөктүн этегин үзөңгүгө карай булактатып, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев).

**ТУБАР II** Төлдөй турган, тууй турган (малга карата). *Тубар уй. Тубар кой.*

**ТУБАСА** Жаралгандан берки, туулгандан берки, табигый, жасалма эмес. *Шарийпа деген оң буту тубаса тетири бүткөн, өңү серт, жашы кырктарга барган аял* (Байтемиров). *Көчөрбайдын тубаса бир кулагы мулук болгон* (Тоголок Молдо).

**ТУБЕРКУЛЕЗ** *к.* **кургак учук.** *Өпкөсүнөн*

*туберкулёз болгондор, Айыгарга айла тапты врачтан* (Акаев). *Далысына жыйылган тону туберкулёздон букур болгон баланын элесин келтирди* (Токомбаев).

**ТУВАЙ** *этн.* Эмчи-домчулар тарабынан койлордун оорусуна дарымдоодо колдонулат.

**ТУГУЛЧУК** *диал.* Жапалдашынан келген чымыр, тыгырчык.

**ТУГУРУКТА** Жумуру кылып түрүү, түтүктөй кылып орой түрүү (мис., кийизди). *Тугуруктап кийиз кой.*

**ТУГУРУКТАЛ тугурукта** этишинин туюк мамилеси.

**ТУЖУРКА** Эки жагына тең топчулама, үйдө кийилүүчү же форма катарында кийилүүчү кыска күрмө. *Сапарбектин үстүндө эски кара тужуркасы бар* (Элебаев).

**ТУЗ I** 1. Мүнөздүү ачуу даамы бар, тамакка татылуучу, кристалл түрүндөгү зат. *Бир тоонун баары бүтүн туз, Кайберендер кемирген* (Токтогул). *Тузду өлчөп татытсаң, ашыңда даам болот* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Жанга тийген сөз, чымчып сүйлөгөн же какшык түрүндө айтылган сөздөрдүн куйкумдуу мааниси. *Туз кошпой сүйлөө. Сөзүндө тузу бар.* 3. Ар кандай заттардын химиялык бирикмеси. *Кочкор тузу. Калий тузу. Топурак катмарынын тузу.*

**ТУЗ II** Ойноочу картанын ичиндеги эң чоңу. *Карганын тузу. Ачанын тузу.*

**ТУЗ III** Тогуз коргоол оюнунда каршы тараптын чуңкурунун биринде эки корголдун (кумалактын) калган абалы.

**ТУЗ БУЙРУУ** Кандайдыр бир нерсе анын энчисине, насибине туура келүү. *Туз насип буйруп бул жерде, Туруп калсак байралып* (Казыбек). *Минтип туз буйруп, суусун ичип жеримде отурам* («Ала-Тоо»). *Кырк сегизинчи жылы ушул айылдан туз буюрду* (Осмоналиев).

**ТУЗ КУЙГАНДАЙ же ТУЗ УУРТАГАНДАЙ АЧЫШУУ** Өкүнүчтөн, таарынычтан же башка себептерден улам катуу кейиште калуу.

**ТУЗ ТАТУУ** Тамагын ичүү, даамын сызуу, даамын ооз тийүү. *Кайрылып келип туз таттың, Калың кыргыз тобуңдан* (Калык). *Туулуп өнүп, өскөн жер, Тузуңду качан татамын* (Казыбек).

**ТУЗ УРСУН** Жакшы мамиледе, өтө жакын, ынак болуп жүргөн адамына кара санаган, жамандык кылган кишиге карата айтылуучу каргыш. *Жаңылып кетсем кокустан, Жаш башымды туз урсун* (Токтогул). *Жалган айтып мен келсем, Колуңдан берген туз урсун* («Эр Табылды»). *Өзүм менен бир таткан, Тузум урсун башыңан!* (фольк.).

**ТУЗАК** Канаттууларды жана майда жаныбарларды кармоо үчүн кылдан же башка нерседен сыйыртмак кылып жасалган илмек, кылтак. *Каныбек күнгөй тараптагы тузак тарткан жерине карай басты* (Жантөшев). *Мен бир мусапыр ырчы, Уларга тузак тарттым эле* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Алдап бирөөнү колго түшүрүү максатындагы амал, айлалуу аракет. *Ата-энемдин сөзүн кыя албай жүрүп, ушул өңдүү тузакка чалындым* (Абдукаримов).

**ТУЗАК ҮЗГӨН** Далайды башынан өткөргөн, көк чоку, абдан митаам, зулум. *Көрсө бул да тузак үзгөн эргулдардан окшойт* («Чалкан»). *Хан хандан кем калчубу, мунусу деле бир тузак үзгөн эме го* (Даникеев). *Тузак үзүп, капкан сындырган.*

**ТУЗАКТА** 1. Тузак тартып, тузак коюп кармоо. 2. *өт.* Амал, айла менен колго түшүрүү, кандайдыр бир ишке илештирүү. *Бириңди бирге ушактайт, Билгизбей туруп тузактайт* (Осмонов).

**ТУЗАКТАЛ тузакта** этишинин туюк мамилеси.

**ТУЗАКТАТ тузакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЗАКТОО тузакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЗАКЧЫ** Тузак тартуучу, тузак коюучу адам. – *Бар, бириң чаап барып айылдагы тузакчылардын тузактарын жыйнатып келгиле* (Жантөшев).

**ТУЗБААЛ** *диал.* Божомол.

**ТУЗБААЛДА** *диал.* Божомолдоо.

**ТУЗГА СИЙҮҮ** *эск.* Күнөөсүз, ак экендигин, антты бузбагандыгын ушундай жол менен дадилдеп актанып, катуу каргыш кылуу, ант кылуу. *Баштагы кеткен Көкжалдын, Тузуна кантип сиебиз* («Манас»). *Тузу ачуу Манастын, тузуна кантип сиебиз* («Манас»).

**ТҮЗГҮНДӨӨ** Камчы өрүмүнүн учун бекитүү.

**ТУЗДА** Туз себүү (мис., этке), туздуу сууга чылап даярдоо. *Ашыр туздаган бадыраң таап келди* (Сасыкбаев).

**ТУЗДАЛ тузда** этишинин туюк мамилеси.

**ТУЗДАТ тузда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЗДАШ** Бирге ичип, бирге жеп жүргөн, даамдаш. *Эми туздаш болуп отурабыз* (Жантөшев). *Кырк жигитим туздашым! Кыйноодо турат бир башым* («Курманбек»).

**ТУЗДАШ-ДААМДАШ БОЛУУ** Бирге жүрүп, бирге туруу, өздөй болуп аралашып кетүү. *Туздаш-даамдаш болуп калдык, бирибирибизге бөлөк-бөтөндүгүбүз калган жок, балам, – деди үйдүн ээси мага карап* («Кыргызстан маданияты»).

**ТУЗДОО тузда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЗДУК** *т.а.* 1. Камыр жууруш үчүн даярдалган туздуу суу. 2. Куйрук-боор кылганда аны малып жеш үчүн тузду ачуураак салып даярдаган шорпо.

**ТУЗДУУ** Тузу бар, тузу өтүшүп кеткен,

туздалган. *Туздуу суу. Туздуу сорпо. Туздуу эт.*

**ТУЗСУЗ** Туз кошулбаган, тузу жок, ар кандай химиялык туздуу курамы жок. *Тузсуз бышкан тамак. Тузсуз суу.*

**ТУЗСУРА** Туз жегиси, туз жалагысы келип калуу (көбүнчө малга, айбандарга карата).

**ТУЗУ АРАМ** Аш тамагын ичип же бирге даам татышып, даамдаш болуп жүрсө да көрсөткөн жардамын, жакшылыгын актай албаган, жакшылыкка жамандык менен жооп кайтарган, арам ойлуу. *Ушу тузу арам итти колуңуздан келсе каматып да коюңуз* (Сыдыкбеков). *О, сенин молдолугуңду... айткан шарыятыңды... тузу арам ит! – деди Тазабек ичинен* (Сыдыкбеков).

**ТУЗУ КӨТӨРҮЛҮҮ** Жолу ачылуу, жолу болуу (көбүнчө бир жакка барууга же даражасы жогорулоого карата айтылат). *Туз көтөрүлсө барып каларбыз.*

**ТУЗУ ООР** Кете турган жагына кете албоо, оңой менен чыга албоо деген мааниде колдонулат. *Тузуңар оор окшойт, дагы деле жүрөм, – деп Айнаш күлүп койду* («Кыргыз Руху»).

**ТУЗУН АКТОО** Бирөөнүн кылган жакшылыгын актоо, акысын кайтаруу. *Далай сөздү таратып, Талант тузун актадың* (Тоголок Молдо).

**ТУЗУН ТАТЫТУУ** Бирди көрсөтүү, сазайын берүү. *Олжолоп алам уздарын, Татытамын туздарын* («Манас»).

**ТУЗУН УУРДОО** *к.* **кудайдын тузун уурдоо.**

**ТУЗУНА КАРА САНОО** Жакшылык кылган адамга жамандык жасоо, арамдык ойлоо, кара ниеттик кылуу. *Тузуңа кара санасам, Туулгандан эки болбоюн* (Токтогул). *Өзү иштемчил болгон менен анын тузуна кара санап жүргөн ниети бузук адам экен* (Сыдыкбеков).

**ТУЙ** 1. Сезүү, билүү, сезип билип калуу. *Аңгыча артымдан жакындап келатканыңды туйдум* («Ала-Too»). *Жүр эми, биздин бу жерде турганыбызды туюшса, үйдөгүлөр чыга калышат* (Жакиев). 2. Түшүнүү сезимине жетүү.

**ТУЙ ҮРТҮК** Кымбат баалуу кездемеге алтын, күмүш чаптырылып, коздолуп жасалган ат жабуу. *Тулпар күлүк ат берди, Туй үртүгүн жаап берди* («Эл адабияты»).

**ТУЙГАК** *диал.* Туяк.

**ТУЙГУ** Сезимтал, туюнуучулук, сезгичтик. *Эңгилчектин аңкыган кычкыл жыттары Токтогулдун туйгу сезимдерин сергитип жиберди* (Токомбаев). *– Бирок аркасы кайкы, соорусу зоңкок, жогдору чууда, абдан жоббо, абдан туйгу көкжалга куйрук улаш канчык гана жүрөт* (Субанбеков).

**ТУЙГУЗ** **туйдур** менен бирдей.

**ТУЙГУН I** 1. Алгыр, кыраан ак куш. *Куш төрөсү туйгун дейт, Туйгундан кийин туңжур дейт* (Тоголок Молдо). *Тууганы билет кайгысын, Туйгуну кедей байынын.* 2. *өт.* Мыкты, даанышман. *Сүйлөтүп комуз күүлөгөн, Туйгун Током аманбы?* (Тоголок Молдо). *Тулаңы белден кара жер, Туйгунум эле кайран эр!* (Жеңижок).

**ТУЙГУН II** Тынч, бейпил. *Туйгун жаткан эл чаптым, Турпандан эчен олжо алдым* («Эр Табылды»).

**ТУЙДУР** **туй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЙЛА** 1. Ойноктоо, тынч турбай тыбырчылоо. *Жылкынын көркүн чыгарып, Туйлаган кулун, тай берет* (Токомбаев). *Аз эле күндүн ичинде, Арык мал туйлап семирген* (Үсөнбаев). *Чабагы четте суурулуп, Балыгы тайдай туйлаган* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Атырылуу, ала салып өркөчтөнүү (мис., суунун агышы). *Баягы туйлап аккан суусун бойлоп, Балчыктан там салышып жүргөн ойноп* (Турусбеков). *Туш-тушунан тунук суулар туйлаган, Кеңдигинен кербен чуусун туйбаган* (Токомбаев). 3. *өт.* Чычалоо, сөз көтөрө албоо. *Кемчиликти бетиңе айтса, Туйлаганды сен койсоң* (Маликов).

**ТУЙЛААК** Тынчы жок, тынч тура албаган.

**ТУЙЛАТ** **туйла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЙЛОО** **туйла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЙТУКТА** **туйтуңда** менен бирдей.

**ТУЙТУН** 1. Кең-кесири карк болуу, толук жетиштүү болуу. *Татынакай бышырылган койдун этине туйтунду да калышты* (Жантөшев). *Таш көмүр чыкканы отунга туйтундук.* 2. Толук каныгуу. *Күрүчтүн шары менен күрмөк суу ичет болуп кадырман куданын паанасында сиздин сөзүңүзгө туйтуналы* («Ала-Too»). *Чиркин ай, күчү турса толуп-ташып, Туйтунбай тууган жердин кенчин казып* (Байгазиев).

**ТУЙТУНДУР** **туйтун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЙТУНТ** **туйтундур** менен бирдей.

**ТУЙТУНУУ** **туйтун** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЙТУҢ: туйтуң-туйтуң этүү** Жактырбагандыгын, таарынгандыгын билдирип жооп бербей, сүйлөшпөй бултуң-бултуң этүү (мис., бала). *Антип жооткотпой эле коюңуз дегенсип туйтуң эткен Динар көйнөкчөн турган калыбында чечкиндүү басып, эшикти бек жаап чыгып кетти* (Сыдыкбеков).

**ТУЙТУҢДА** Туйтуң-туйтуң этүү.

**ТУЙТУҢДАТ** **туйтуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЙТУҢДАШ** **туйтуңда** этишинин кош мамилеси.

**ТУЙТУҢДОО** **туйтуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЙРУНДА түйрүндө** менен бирдей.

**ТУК I: тук-тук** Эшикти каккандагыдай, тыкылдаткандай чыккан күңүрт дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ТУК II: тук этүү** Чырм этип алуу, бир аз уктоо, куш уйку салуу, көз илиндирип алуу. *Бир аз тук этип алалык* (Сасыкбаев).

**ТУК III** 1. Минералдык жер семирткич. 2. *диал.* Буруп кетүүчү орун, жыгаан, арыктагы убактылуу салынган бөгөөл, байламта.

**ТУКАБА** Баркыттын түгүнө караганда бир аз узунураак, жумшак түгү бар кездеме. *Кара тукаба. Кызыл тукаба. Эндүү тукаба. Тукаба күрмө.*

**ТУКАНДА** *диал.* Жоюу, курутуу, жок кылуу, өлтүрүү.

**ТУКТАМАЛ** Кокусунан, күтүүсүздөн. *Туктамал келдик үстүңө, Төрө күйөө аманбы?* («Семетей»).

**ТУКУЛ** Учтуу, кырдуу эмес, дүмүрөйгөн. *Виктор тукул карандашы менен бирдемелерди чие баштады* (Сасыкбаев). *Самсахун тукул кырктырган көк ала сакалын сылап койду* (Жантөшев).

**ТУКУЛЖУ тукулжура** менен бирдей.

**ТУКУЛЖУРА** Жедеп ал-күчү кетүү, айласы түгөнүү, жоктуктан каржалуу, такыр жок абалга жетүү. *Тууганы тукулжурап кыңылдашса, Айласыз ач бүлөлөр бетин басты* (Токомбаев). *Тууган эл тукулжурап нан сурады* (Токомбаев).

**ТУКУЛЖУРАТ тукулжура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУКУЛЖУРОО тукулжура** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУКУМ** 1. Үрөн, урукка арналган дан. *Машина толуп кыштакта, Мейкинге тукум себүүдө* (Бөкөнбаев). *Кабылан Манас чырагым, Кочуштап тукум чачалы* («Манас»). 2. Бир атадан тараган балдар, неберелер, урук-жураат, кийинки муундар, тек. *Түгөнгөн сайын түтөгөн, Түптүү Манас тукуму. Өлгөн сайын өрчүгөн, Өткүр Манас тукуму* («Семетей»). *Балдары аман болуп, тукуму өсүп, Кант, шекер, бал татысын ичкен чайы* (Осмонов). *Түлкүдөн калган бир тукум, Бу да туяк, турбайбы* (Тоголок Молдо). *Кээде эсептеп отуруп, биздин тукумду отузга жеткизем* (Сыдыкбеков). 3. Малдын төлү, төлдөтүп алуу үчүн арналган мал. *Эгерде асылданса мал тукуму, Калбайт дейм кең Арымда эч бир айып* (Бөкөнбаев). *Бей-бечара жетимге, Ар түрдүү тукум мал берип* («Эр Табылды»). 4. Жалпы эле жан-жаныбарлардын таралган уругу, теги. *Бул өрдөктөрдүн тукумун соолтмоюнча кетпейм* (Жантөшев). *Ай оңбогон чымын, Тукумун үзгүлө мунун* (Шүкүрбеков). 5. *диал.* Жумуртка.

**ТУКУМ КУРУТ БОЛУУ** Укум-тукумунун, үрөн-бутагынын бири да калбоо, жок болуп кетүү. *Эми бизди соо койбойт. Баш калкалар маанек издебесек, тукум курут болобуз* (Сыдыкбеков).

**ТУКУМ КУРУТ КЫЛУУ** Тукумунун бирин да калтырбай жок кылуу, бүт тукуму менен жок кылуу. *Карышкырларды тукум курут кылса сонун болбос беле, атаганат* (Сыдыкбеков). *Барып берип калмакка, Тукум курут кылбагын* («Манас»).

**ТУКУМ КУУ** Укум-тукумунан, түпкү тегинен же ата-энелеринен кандайдыр бир мүнөздүү белгилер, сапат, оору ж.б. сакталып калуу. *Тукум кууган оорулар.*

**ТУКУМ КУУЧУЛУК** Тукум кууган белгилер улам кийинки тукумуна келүүчүлүк, укум-тукумуна тарап кетүүчүлүк, тукумга тартуучулук.

**ТУКУМДА** Тукуму көбөйүү, тукуму өсүү. *Тукумумдан тукумдап, Жүзгө жетти тууганым* (Токомбаев). *Төрт түлүк мал чыгашасыз тукумдап, Социалга сансапаты бурулду* (Калык).

**ТУКУМДАТ тукумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУКУМДАШ** Түпкү теги, уругу бирдей, окшош бир тукумдан, тектеш. *Аскар Орусбекке чечкиндүү жооп кайтарды: – Арпа болбосо да тукумдаш өсүмдүк* (Сыдыкбеков).

**ТУКУМДОО тукумда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУКУМДУК** 1. Үрөнгө арналган, үрөндүк. *Өткөрүп ал буудайды, Бир бөлөк сал – Тукумдугун ар жакка* (Нуркамал). *Тукумдук эгин сатып алышты* (Жантөшев). 2. *биол.* Уруктук жана тукум берүүчүлүк сапат. *Тукумдугу күчтүү. Тукумдугу начар.*

**ТУКУМДУУ** Тукуму көп.

**ТУКУМЧУЛ** Укум-тукум берүүгө, көп тукум берүүгө, көбөйүүгө жөндөмдүү.

**ТУКУР I** (*тукур ат*) Чарбачылыкка ийги, күчтүү ат.

**ТУКУР II** 1. Айдактоо. *Алыбек үч кара итин тукура, ийиндеги мылтыгын ала койду* (Жантөшев). 2. *өт.* Бирөөгө каршы көкүтүү, кайраштыруу, колтугуна суу бүркүү.

**ТУКУРУК** 1. Айдактап тукуруучулук. 2. Тукуруп көкүтүүчүлүк. *Бирөөнүн тукуругу менен чатак чыгаруу.*

**ТУКУРУУ тукур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУКУЯНСЫЗ: тукуянсыз жетим** *диал.* Томолой жетим, тоголок жетим.

**ТУЛ** 1. Өлгөн адамдын колдон жасалган сөлөкөтү (эри өлгөн аял эринин кебетесине окшоштуруп жыгачтан тулку жасап, ага өлгөн күйөөсүнүн чапанын жаап, үстүнө анын баш кийимин коюп, көшөгөгө тартып бурчка отургузуп ашын бергенче сактоочу сөлөкөт). *Катынына тул салам, Кыздарын такыр күң кылам* («Эл адабияты»). 2. *этн.* Өлгөн кишинин боз үйүнүн түндүгүнөн чыгарылып же үйүнүн оң босогосуна байланган кара чүпүрөк же куйрук. *Кээ бир үйдүн*

*үстүнө, Тулу неге салынган?* («Мендирман»). *Ак сарай үйгө тул салып, Өзүмө кылып сыйларын* («Манас»). 3. Күйөөсү өлгөн аял, жесир. *Гулайымдын апасы жыл маалы тул отурду* (Бейшеналиев). *Ошол айтылуу Шайыркүл жыйырма төрт жашында тул калган* (Каимов). *Алган жарым тул калат* («Манас» С.О.). *Кара элечек тул калып* («Манас» С.К.). *Баатырыңды кул кылам, айымыңды тул кылам!* («Семетей»).

**ТУЛ КАРА** 1. Эри өлүп, аза күткөн жесир. 2. *өт.* Бетин тытып же көгөртүп алган аял.

**ТУЛ КАРА АТ** *же* **ТУЛ КАЗАН АТ** Аябагандай күлүк ат, эң күлүк ат.

**ТУЛА БОЙ** Адамдын бүткөн бою, бүт денеси, тулку. *Илгери барак эл болот дечү эле, Тула бою түк баскан* (Токтогул). *Менин тула боюм электр тогу тийгендей эрип, көзүм караңгылай түштү* (Каимов).

**ТУЛАЙ** 1. Кийизден же кой терисинен жасалган кышкы бут кийим. 2. Куштардын бутундагы жарат.

**ТУЛАҢ** Көдөө, жыш калың, чыккан бетеге чөп, куурайсыз чөп. *Кара кыяк, тулаңы* («Манас» С.О.). *Тулаңы белден кара жер, Туйгунум эле кайран эр!* (Жеңижок). *Ар форуму элестүү, Тулаңдуу сонун коосу бар* (Казыбек). *Бадал арасындагы тулаң чөп кадимки мамыктай жумшак көрүнөт* (Абдукаримов). *Тукабадай кулпунган, Тулаңы бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

**ТУЛГА** Казан асууга ылайыкталып үч бурчтук же тегерек формада жасалган үч буттуу темир алкак. *Атаа, үч таш тулга, бир очок* («Манас» С.К.). *Коломтодогу тулгада суу куюлган чоң казан* (Бейшеналиев).

**ТУЛДАН** 1. Эринин өлгөндүгүнө байланыштуу тулга отуруу, күйүттөнүү, кайгы тартуу. *Тулданып жаның кыйнаба. Бермет, туйлаганың ким билсин* («Саринжи-Бөкөй»). 2. Аза күтүү түрүнө келүү, аза күтүү кейпине келүү. *Ак үйүм кызыл тулданды, Мендей алганы ыйлап тул кылды* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТУЛДАТ** Жесир калтыруу, тул калтыруу.

**ТУЛДУУ** Аза күткөн каралуу (күйөөсүнө карата).

**ТУЛКУ** Бүткөн бой, бүткүл дене. *Тулкуңуздун кадиги жок, Уюлундай таштардын* (Токомбаев). *Үстүмдө тулкума чыпчыйган көгүлтүр костюм* (Касымбеков). *Жумабек Күлүкандын бүткүл тулку боюн бирден талдап өттү* (Ашубаев). *Тулку боюн карасаң, Сайга чыккан чынардай* («Семетей»).

**ТУЛКУ БОЙ** Тула бой, бүткүл дене, бүткөн бой. *Тууралжын келген бою пас, Тулку бою кара таш* («Манас»).

**ТУЛПАР** 1. Мыкты, чаалыгып-чарчабас күлүк ат. *Күн-түнү минсең чарчабас, Аттын көркү тулпарда* («Мендирман»). *Журт жакшысын ырдаган, Тулпардын оозун ыргаган* (Калмырза). *Күүлөнүп тулпар чамынат, Күбүрдөй көбүк жамынат* (Токомбаев). 2. *миф.* Канаттуу ат. *Артыкча тулпар мал экен, Адамча сүйлөп Чалкуйрук, Элемандын Төштүккө Кыямат жолдош мал экен* («Эр Төштүк»). 3. Баатырлардын жан жолдошу катары бааланган, жоого минүүчү бирден бир аты. *Каса тулпар ат минип* («Манас» С.О.). 4. *өт.* Баатырдын эпитети катарында колдонулат. *Тулпардан калган туягым* («Сейтек»).

**ТУЛПАРЛЫК** Тулпарга тиешелүү сапат, тулпарга таандык касиет. *Чу койгондо бөлүнүп, Тулпарлык сыны көрүнүп* («Эр Төштүк»).

**ТУЛТУГУЙ** Тултуйган, толтогой. *Бир маалда ак саргыл, бети тултугуй, күлтүйгөн чоң киши келди* (Бектенов).

**ТУЛТУЙ** 1. Калың тартып толтойгон көрүнүштө, көөп, шишимик тарткан сыяктуу абалда болуу. *Эрлердин башы-көзү челек болуп, Тултуюп кан аралаш шишик басты* (Маликов). 2. *өт.* Таарынгандыгын, ачуулангандыгын, жактырбагандыгын билдирип бултуюу. *Тултуйган бойдон ордуман кежирленип жай турдум* («Ала-Тоо»). *Тултуюп, Бөкөй олтурат* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТУЛТУЙТ** **тултуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЛТУК** 1. Бетинин эти калың, бултук, бултугуй. *Баягы бака көз боз тултук бала өзү чыга берип, Шарипти ныгыра түрттү* (Бейшеналиев). 2. Толтогой, толтойгон мукур, кыска. *Тултук мүйүз. Тултук саптуу бычак.*

**ТУЛТУКТА** Бултундап, таарынгандык, жактырбагандык, таарынган кебетесин билдирүү, жактырбаган, ачуусу келген мүнөз көрсөтүү.

**ТУЛТУКТОО** **тултукта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЛТУҢДА** **тултукта** менен бирдей.

**ТУЛТУЮУ** **тултуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЛУМ** Эркектердин артын карай өрүлгөн төбө чачы. Кээде айдар көкүл маанисинде да айтылат. *Тулумдары жайылган* («Манас» С.О.). *Аргамжыдай чубалган, Айдар тулум чачы бар* («Манас»).

**ТУЛУП** 1. Музоонун, эчкинин туюк союлган терисинен жасалган баштык, идиш, териден жасалган баштыкча. *Тулуптай болуп салаңдап, Туйгундай көзү алаңдап. Апам катты сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коёт* (Айтматов). *Ха-ха-ха-ха, чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, кереги жок мунуңун* (Турусбеков). 2. Музоонун туюк союлган териси.

**ТУЛУПКА МӨӨРӨӨ** *к.* **куру тулупка мөөрөө.**

**ТУМАК** Кандайдыр бир тери ичтелип жа-

салган жумшак, кулакчындуу жылуу баш кийим. *Башына түлкү тумак кийген кызыл жигит* (Жантөшев). *Балдар жеңил кийимчен тумактарын түрө кийишкен* (Каимов). *Тумагын баса кийген, бели бүкүрөйүңкү чоочун кишини Даша дагы көрдү* (Сасыкбаев).

**ТУМАЛАК** *диал.* Тоголок, томолок.

**ТУМАЛАТ** *диал.* Тоголотуу, томолотуу.

**ТУМАН** Абада суу буусунун көбөйүп кетишинин натыйжасында, атмосферанын төмөнкү катмарында пайда болуп, боз чалган сыяктуу айлананын көрүнүшүн начарлаткан абадагы суу буусунун жыйындысы. *Жылганын оозунан чыга калган жөө туман жылып келип кокту-колотторго бугуп жатты* (Байтемиров). *Жылдыз жанып асманда, Оо, ырас, туман түштү, кыроо чалды жол үстүн* (Келдибекова).

**ТУМАНДА** 1. Туман басуу, туман каптоо. 2. *өт.* Жакшы көрүнө бербөө, туман баскансып, даана көрүнбөө.

**ТУМАНДАН** **туманда** менен бирдей.

**ТУМАНДАТ** **туманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУМАНДОО** **туманда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУМАНДУУ** 1. Туман баскан, туман каптаган. *Малчылар үчүн тумандуу күн өтө коркунучтуу* (Каимов). 2. *өт.* Бүдөмүктүү, даана эмес. *Куурчактай болгон байкушум Динар шаарга кетпейт беле, – деди чоң эненин жүрөгүн дүкүлдөткөн тумандуу ойлор* (Сыдыкбеков).

**ТУМАР** Түрдүү оорулардан, кырсыктардан сактануу максатында моюнга, кийимдин таза жүрө турган бир жерине (көбүнчө жакасына) асып, же тагып алып жүрө турган курандын аяттарынан жазылган кагаз (ал кагаз үч бурч болуп бүктөлүп, сыртынан булгары, же бышык, калың кездеме менен тышталып тигилип коюлат). *Жакама таккан тумарым* («Манас» С.О.). *Тумар кылып тагынган* («Манас» С.К.). *Күндүз көздө кумарым, мойнума таккан тумарым* («Эл адабияты»). *Мойнуна тумар тагыптыр, Жанга дайның чыгарбай, Эрен Төштүк баласын, Өз жолуна салыптыр* (Урмамбетов). *Молдо Батманын мойнуна тумар тагып, чыныгы аят жазып бир топ күнү жаткан* (Баялинов).

**ТУМАРЧА** Тумардай, тумар формасында болгон үч бурчтук. *Эсен чөнтөгүнөн акча, тумарча кат алып чыкты* (Бейшеналиев). *Тумарча бүктөлгөн кагаз.*

**ТУМАРЧА БОЙЛУУ** Бою анчалык бийик эмес, кичирээк чарчы бойлуу.

**ТУМАРЧАЛА** Тумарча кылып жасоо, тумарча формасына келтирүү. *Катты тумарчалап үч бүктөп, кызыл жибек жоолукка ороду* (Жантөшев).

**ТУМБА** 1. Жолдун жээгиндеги кыска жоон мамыча казык. 2. Гүл, күзгү, ж.б. коюу үчүн жасалган кичинекей шкаф, тектирче. *Тумбага коюлган барабан Сырганын көзүнө куду дарбыздай көрүнө түштү* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Эби-сыны жок, олчойгон, күпчөктөй жоон.

**ТУМБОЧКА** Көбүнчө кроваттын жанына коюлуучу кичинекей шкаф.

**ТУМОО: сасык тумоо** 1. Суук тийгенден болгон оору. *Сасык тумоо тийген көрүнөт* (Касымбеков). 2. *өт.* Тынчтыгын алуу, жолтоо болуу, каскактай болуп, кысылышта келүү же учуроо. *«Сасык тумоодой болуп баягы неме дагы келди», – деп Алтын эже наараазыланды.*

**ТУМООЛО** Тумоо менен ооруу, сасык тумоо тийүү. – *Бир аз тер каршыгып, тумоолоп калган болсо керек* (Убукеев).

**ТУМООЛОО** **тумоола** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУМСАК** 1. Активдүү кыймыл-аракетке көнбөгөн, жумуш кылып көнбөгөн, тез чарчоочу. *Азырча колдо багамын, Атымдын ыкшоо, тумсагын* (Маликов). 2. *диал.* Семиз, эткел (жылкыга карата). *Жуушап жатты, минилбей, Тегиз тумсак, Кул кайтарды баарысын, Куурап, Куурап!* (Турусбеков).

**ТУМСАКТЫК** Жумуш кылууга, активдүү кыймыл-аракетке жөндөмү жоктук, ыкшоолук. *Э, ал экөөбүздүн тумсактыгыбыз* (Сыдыкбеков).

**ТУМУК** **думук** менен бирдей.

**ТУМЧУГУУ** **тумчук** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУМЧУК** 1. Аба жетишсиз болгондуктан дем алуунун оор тартышын сезүү, аба жок болгондуктан, жетпегендиктен катуу кысылып дем ала албай кетүү. *Тумчугуп өлүп бараттым* (Токомбаев). *Азыр аба болбосо сен беш минутка жетпей тумчугар элең* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кысылган, оор, көңүл чөккөн абалда болуу. *Тумчуккан комуз шаңкылдап, Шаттыктын күүсү чалынды* (Нуркамал).

**ТУМЧУКТУР** **тумчук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУМЧУКТУРГУЧ** Демди кыстыктырып, аба жеткирбей, тумчуктуруп коймо, тумчуктурма. *Тумчуктургуч газ.*

**ТУМЧУЛА** Жел киргизбей, чүмкөп жабуу. *Жер алай-дүлөй түшүп, карды-бороон дүйнөнү бийлеп турган. Бети-башыбызды тумчулап араң жүрүп келебиз* (Элебаев).

**ТУМЧУЛАН** **тумчула** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУМЧУЛАТ** **тумчула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУМЧУЛОО** **тумчула** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУМШУГУ ЖОК** Бакытсыз, ырысы жок, байкуш, шордуу. – *О тумшугу жоктор, тургула – деген Бурмакенин ачуу дабышы*

*менен селт ойгонуп кеттим* (Элебаев). **В.: Куу тумшук.** *Кутулар күнүм болобу, Куу тумшук башым жалчыдан* (Осмонкул). **Кем тумшук.** *Кенебеген кем тумшук, Кургур болду жанбакты* (Тоголок Молдо). **Кара тумшук.** *Баягы кара тумшук бала энесине кетип калган тура – деп Сыпайы жеңе арыздана кетти* (Убукеев). **Тумшугу кайкы.** *Туулгандан жалгыз кыз, Тумшугу кайкы мен элем* («Курманбек»).

**ТУМШУГУ ЖЫЛЫБОО** Иши оңолбоо, жарыбоо. *Тополоң шумдун тумшугу дароо эле жылыбады* (Осмоналиев). *Баары бир этеги узарбайт, тумшугу жылыбайт шум баланын* («Ала-Тоо»).

**ТУМШУГУ МЕНЕН БИР ТИЙҮҮ** *же* **ОРОҢДОП БИР ТИЙҮҮ** Орой сүйлөө, онурандоо, орой мамиле кылуу. *Тумшугум менен бир тийдим окшойт* (Байтемиров). *Бир аздан кийин кайда экенин таап алып, жанына барып: – эмне жатасың? – деп ороңдоп бир тийди* (Элебаев). *–Үйрөтпө мага, – деп Татыбек Арзыкулга тумшугу менен бир тийди* (Байтемиров).

**ТУМШУГУ МЕНЕН ЖЕР САЮУ** Тынымсыз, баш көтөрбөй иштеп, абдан чарчоо. *Тумшугум менен жер сайып иштесем да, сени багууга жарайм, апа* (Байтемиров).

**ТУМШУГУ ТАШКА ТИЙҮҮ** Ойлогон оюу, тилеги ишке ашпай калуу, ойрон болуу, жок болуу, кырсык болуу. *Оозу ашка тийгенде, тумшугу ташка тийди* (макал). **В.: Тумшугу таштай катты.** *Байкуш жетимдин тумшугу таштай катты* («Ала-Тоо»). **Тумшугу катуу.** *Тукум калбай кырылып, тумшугубуз катпайлык* (фольк.).

**ТУМШУГУН СЫНДЫРУУ** Бир аз жылытуу. *Сууң муздак экен, тумшугун сындырып келчи, балам, – деди атам мага* («Ала-Тоо»). *Өтө эле муздак, тумшугун сындыр.*

**ТУМШУГУНА СУУ ЖЕТҮҮ** Мүңкүрөгөн абалга келүү, айласы кетип, турасы түгөнүү. *Иттин баласы шашпасын! Тумшугуна суу жеткенде өзү жалынып келет, – деп ызырынып койду* («Агым»). **В.: Мурдуна суу жетүү.** *Жайына кой, мурдуна суу жеткенде өзү келет* («Чалкан»).

**ТУМШУК** 1. Жан-жаныбарлардын баш мүчөсүнүн оозу, мурду келген алды жагы, мурду. *Кашаң карагер сууга кирери менен тумшугун малып кылтылдатып жута баштады* (Бейшеналиев). *Моюнча менен музоону тумшукка чапкылап токтотууга аракеттенет* (Байтемиров). *Ит тумшугуна суу жеткенде сүзөт* (макал). *Буту неден узарган, Тумшугу неден кызарган?* (Калмырза). 2. Кургактыктын сууга учтанып кирип турган бөлүгү. *Нак ошол тумшук өзөндү эки айрыкка бөлөт* (Сыдыкбеков). *Жолоочулар эки суунун чатындагы тумшуктан имериле бергенде жайнап жаткан калың мал көрүндү* (Каимов). 3. Тоонун айлана бериштеги урчугу же сүйрүлөнгөн бөлүгү. *Тетиги тумшуктун учунда чөп арасында отурган эки кишини көрдүңбү?* (Жантөшев). *Оңкойгон тоонун урчукка, Оңурайган тумшукка, Алып барып көмдү эле* («Эр Төштүк»).

**ТУМШУККА ИЛИНБӨӨ** Эч нерсе табылбоо, колуна бир нерсе тийбөө. *Бүгүн тумшукка эч нерсе илинбей бүркүтчүнүн да маанайы суз* («Ала-Тоо»).

**ТУМШУКСУЗ** Бакытсыз, ырысы жок, шордуу, таалайы жок. *Айкөлүнөн ажырап, Айбандан чыккан тумшуксуз, Сендей шордуу кайда бар* («Сейтек»).

**ТУМШУКТАН** Тумшугу, мурду окшоп кетүү, бирөөлөргө окшоп туруу.

**ТУМШУКТУУГА ЧОКТУРБАЙ** *к.* **канаттуу га кактырбай, тумшуктууга чоктурбай.**

**ТУН I** Эң биринчи, алгачкы, туңгуч. *Энем тунун кыз төрөптүр* (Сыдыкбеков). *Алыбектин тун баласы быйыл жыйырма алтыда* (Токомбаев).

**ТУН II** 1. Суунун же суюктуктун ичиндеги заттары түбүнө чөгүп, тунук түскө айлануу, туптунук болуу. *Ал жерде суу туна турган көлмө бар* (Абдукаримов). *Турунанын тунук көл Ого бетер тунду дейт* («Семетей»). *Суу башынан тунат* (макал). 2. *өт.* Кең-кесири, мол, жетиштүү болуу, жыргап калуу, марып калуу, карк болуу. *Мен ыйлабайм, капа тартып турганда, мен кубанбайм, бак дөөлөткө тунганда* (Осмонов). *Жер соорусу турбайбы, Жердесе калкым тунбайбы* (Каралаев). *Кымызга тунду. Олжого тунду.*

**ТУНА ЧӨГҮҮ** Өлүү, өлүп жок болуу, ордутүбү менен дайынсыз жоголуу. *Бул күйүттү укканча Тирүү жүрбөй өлөйүн, Туулбай туна чөгөйүн* («Сейтек»).

**ТУНАР** Айлананы боз чалуу, мунарык басуу, мунарыктоо. *Кетмен-Төбөнүн аскалуу чокулары тез эле буурулданып тунара баштады* (Токомбаев). *Бургак болот мунарык, Жер көрүнбөйт тунарып* (Тоголок Молдо).

**ТУНАРТ тунар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУНАРУУ тунар** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУНАРЫК** Тунарып боз чалган, мунарык баскан абал, көрүнүш. *Аркасында тунарык, Кирген нуру не болот* (Тоголок Молдо).

**ТУНАРЫКТА** Тунарык тартуу, боз чалуу, мунарыктоо, күүгүмдөнүү. *Акман тунарыктаган түтүндү, дем алып, үнсүз олтурган Надежданы көрдү* (Сыдыкбеков).

**ТУНАРЫКТАТ тунарыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУНАРЫКТОО тунарыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУНАРЫҢКЫ** Тунарык тарткан. *Коңур көз, сары талаа кубарыңкы, Бүркөлүп күндүн көзү тунарыңкы* (Шимеев).

**ТУНДРА** Жер шарынын арктикалык алкагынын түштүк зонасы, климаты суук, эч качан эрибеген, өсүмдүгү өтө аз, токойсуз мейкиндик.

**ТУНДУР тун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУНДУРМА** 1. Тунган, тундуруп жасалган. *Тундурма кымыз.* 2. Билиндирбей чөктүрүп, үстүн кадимкисиндей түзөтүп, билиндирбей таштаган. *Тундурма сала коюптур* («Семетей» С.К.). *Тундурма камчы. Тундурма сака.* 3. Толук канааттандыруу, туйтундуруу. *Өкмөт соко, шайман, үй-мүлк берип, тундуруп салыптыр* (Сасыкбаев).

**ТУНДУРМАЛА** 1. Тундуруп жасоо, тундуруу, тундурма кылуу. *Кымызды тундурмалап ичүү.* 2. Тундурма кылып чөгөрүү, сыртынан байкалбаган абалга келтирүү.

**ТУНДУРУУ тундур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУНЖУР** Карчыганын ургаачысы. Аңчылыкта туйгундан кийинки кыраан куш эсептелет. *Тунжурум балам болучу* («Семетей» С.К.). *Куш төрөсү – туйгун дейт, Туйгундан кийин – тунжур дейт* (Тоголок Молдо). *Текөөрү болот тунжуруң, Кайдан учту туурдан.*

**ТУНЖУРА** Көшүлүңкү, мемиреп магдырагандай тынч абалда болуу. *Тунжурап талаа уктаган, Түн жарымы кезинде* (Маликов). *Адырлардын тунжурап жымжырт жатышы кандайдыр шектүү сезилет* (Сасыкбаев). *Жолой көпкө тунжурап отурду* (Жантөшев). *Тунжурайсың көз салып, Ал жарыкка келе жаткан үзүлбөй* (Келдибекова).

**ТУНЖУРАТ тунжура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУНЖУРОО тунжура** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУНЖУРТ тунжур** этишинин аркылуу мамилеси

**ТУНМА** 1. Суу көбөлдөрүнө тунуп калган илээшме минерал же органикалык масса. *Тунма кымыз. 2.* Тундурма.

**ТУННЕЛЬ** Жер алдындагы же тоо ичиндеги өтүү үчүн ылайыкталып коридор түрүндө тешип жасалган курулуш, тешкен тоо. *Метрополитендин туннели. Темир жол туннели.*

**ТУНУК** 1. Өзү аркылуу жарык өткөрүп турган, ары жагындагы нерселер көрүнүп турган таза, киргил эмес, күңүрт же ылай эмес. *Тунук-тунук суу түшөт, туюк-туюк төрүнөн* (Казыбек). *Ала-Тоонун булагы тунуксуң да, муздаксың!* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Анык, таза чыныгы, нагыз ак, ак ниет. *Тунук кулук. Көңүлү тунук.*

**ТУНУКЕ** Үйдүн чатырына жабылуучу, курулуш иштерине пайдаланылуучу каңылтыр темир. *Черновдун үйү үстүн көк тунуке менен жаптырган жыгач үй* (Жантөшев). *Тунуке менен жаптырып, Балдарга мектеп салдырган* (Токтогул).

**ТУНУКЕЛЕ** Тунуке менен жабуу.

**ТУНУКЕЛЕН тунукеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУНУКЕЛЕТ тунукеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУНУКЕЛӨӨ тунукеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУНУКЕЛҮҮ** Тунуке менен жабылган. *Тунукелүү мейманкананын кеңири короосунда комузчулар ойноп, ырчылар ырдап жатышты* (Абдукаримов).

**ТУНУКТА** *сейр.* Айкын кылуу, аныктоо, тактоо, ачып билүү. *Анын сөзүн башка карыялардан сурап тунуктап жазышка туура келди* («Ала-Тоо»).

**ТУНУУ тун** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУҢГАК** Жаңы туулган малдын, баланын алгачкы заңы.

**ТУҢГУЧ** Эң биринчи, эң алгачкы тун. *Байталдын биринчи жолу кулундаганы ушул эле. Мындайды туңгуч деп коёт* (Мидин). *Ырдан көрөм ууз сезим шооласын, Туңгуч перзент ак маманы эмгендей* (Закирова). *«Эркин тоо» – кыргыз элинин туңгуч газетасы.*

**ТУҢГУЮК** Түпсүз терендик, терең туюктук. *Чоордун үнү өпкөнүн адам билбеген туңгуюк түпкүрүнөн чыгып жаткандай болду* (Жантөшев). *Мындан да коркунучтуу дагы кандай гана туңгуюкка алып келип кептебейт дейсиң* (Усубалиев).

**ТУП (тупа)** Сын атоочтун туптунук, туптуура, тупатуура сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТУПРАК** *диал.* Топурак.

**ТУР I** 1. Вальс бийинин залды бир айланып чыгышы, ошол эле бийдин бир тегерениши. *Вальстын туру.* 2. Мелдештин, оюндун, өткөрүлүүчү чаралардын ж.б. бир бөлүгү, айрым этабы. *Шахмат турниринин экинчи туру. Спорттук олимпиаданын акыркы туру. Президенттик шайлоолордун экинчи туру.*

**ТУР II** 1. Тикесинен келген абалда, баса турган абалда болуу, отуруп же жатып албай өйдө болуу. *Адыл ордунан турду да, олтургандарга кыдырата карады* (Сыдыкбеков). *Атчандар жете келип жарданып тура калды* (Убукеев). *Шамбет туруп олтуруп, Чаргынга карады* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир жерде, үйдө турак алып, тиричилик кылуу, жашоо. *Бишкекте турат. Кыштакта турган адамдар. Шаарда турушат.* 3. Өлбөй-житпей жашап калуу, аман-эсен болуу. *Тууруна сүйүнбө, турарына сүйүн* (макал). 4. Бар болуу, болуу. *Кыялда турат бир тилек, Чырак кызматын тапсаң агаңдын* («Олжобай менен Кишимжан»). *Машина турганда жөө бас-*

*мак беле?* 5. Белгилүү бир орунда, жайда болуу, белгилүү бир абалда болуу. *Бир шумдукту сезгенсип, Жылдыздар турат түнжурап* («Мендирман»). *Калкыңда мендей кыздардан, Кароолдо туруп кабар ал* (Маликов). *Жылаңач турган канча адыр, Жалбырак басып жашарсын* (Маликов). 6. Кызмат ордун ээлөө, дайындалуу. *Кызматка турду. Ишке турду.* 7. Жалдануу, жалданып иштөө; кызматын кылуу. *Байга турган.* 8. Баасын, наркын билдирүү үчүн колдонулат. *Канча турат? Өзүнө турган наркы.* 9. Кандайдыр бир курамдагы түзүлүштү, анын курамын билдирүү үчүн колдонулат. *Беш кишиден турган комиссия. Үч бөлүктөн турган китеп.* 10. -ганы, -ган формалары уланган сөздөрдөн кийин кыймыл-аракеттин, окуянын, кубулуштун, ойдун ж.б. болорун, ишке ашуусу мүмкүн экендигин, ниеттенгендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Күн жааганы турат. Кеткени турат. Барган турат. Жөнөгөн турат.* 11. -мак, -сун, -гай формаларында келгенде «түгүл», «ал гана эмес» деген сыяктуу күчөтүү маанисин берет. *Короодогу кой турмак, Коргол бербейт жети ата* (Токтогул). *Сүйлөмөк турсун далай жан, Зарланып жүрөт көрүүгө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Какылдак уялмак тургай, эрээркеген балача чаңырыгын күчөттү* (Сыдыкбеков). 12. Оолактатуу, алыстатуу, кандайдыр аракетти токтотуу керек экендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Тур ары, жашың менен сугарбай мени* (Байтемиров). *Эрсиз өтсөм да Чаргын нары тура турсун* (Сыдыкбеков). *Көйнөк тиккенди коё турчу* (Сыдыкбеков). 13. Кыймыл-аракеттин үзгүлтүксүз болуп турушун белгилүү бир абалдын узакка сакталышын билдирүү иретинде жардамчы этиш катарында колдонулат. *Жазып тур саламыңды келгениңче, Жарыңдын жаш жүрөгүн сагындырбай* (Нуркамал). *Капталдан улам катуулап, Лом менен уруп туруптур* (Маликов). *Эр Олжобай элине, Бул кезде сүйлөп турат октолуп* («Олжобай менен Кишимжан»). 14. Кыймыл-аракеттин, окуянын абалдын ж.б. күтүүсүздөн, эрктен тышкары болгондугун жана мурда андан кабарсыз экендигин билдирүү же ырастоо иретинде «тура», «турбайбы» формаларында колдонулат. *Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда тура* (Сыдыкбеков). *Ар нерсенин учуру болот тура* (Байтемиров). *Бул сакалдан Эшмамбет, Жүдөп жүргөн турбайбы* (Токтогул). *Сулуулар чыгат турбайбы, Анда-санда ар кандай* («Мендирман»). *Адамдын сырын билүү кыйын турбайбы* (Байтемиров).

**ТУРА** Туяктын ичиндеги кемирчек сыяктуу жумшак жери. *Эки койдун туягы түгөнүп, турасы көрүнүп калыптыр* (Убукеев). *Туягында тура жок, Тулпар сындуу мал экен* («Семетей»).

**ТУРАК** 1. Туруучу жай, турган, жашаган жер, турук алган орун. *Абдыназар казагым, Нарында эле турагы* (Тоголок Молдо). *Бөрү акең тынчып турабы, Тоо башында турагы* (Тоголок Молдо). *Турагым, кагылайын, Тянь-Шаным* (Нуркамал). *Тигине, тирүү сымап турагы жок, Купуя, майда, кытмыр эсеби жок* (Токомбаев). 2. Туруктуулук, бекемдик.

**ТУРАК ЖАЙ** Жашап турган, жашап жүргөн үй.

**ТУРАКСЫЗ** 1. Белгилүү турак алган жайы, орунтуктап калган орду жок. *Турмуш айдап тураксыз, Кез келгендей күн өттү* (Элебаев). 2. Туруксуз, туруктуу эмес, өзгөрүп турма. *Тураксыз желди кылба бел* (Турусбеков).

**ТУРАКТУУ** 1. Бир жерден орун алган, бир жерде дайыма жашоочу. *Туруктуу эл.* 2. Туруктуу, өзгөрбөс, турумдуу. *Туруктуу ошол тоону кылган сайран, Жапайы арстан, аюу, толгон айбан* (Бөкөнбаев).

**ТУРАКТУУЛУК** 1. Белгилүү бир жерден, жайдан орун алгандык, дайыма бир жерде жашап тура алгандык. 2. Туруктуулук, өзгөрүлбөстүк, турумдуулук.

**ТУРАЛА** Туралап кетүү турасына кирип кетүү, турасын карай өрдөп, бойлоп кетүү. *Мык туралап кетти.*

**ТУРАЛАТ** **турала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУРАН** 1. Түрк элинин ата-бабаларынын бири болуп айтылат. 2. Эң байыркы заманда Инди-Европа тилинде сүйлөгөн тур деген элдин жашаган өлкөсү (Ирандын түндүгү, азыркы Орто Азия чөлкөмү) аталган. 10-кылымдан баштап Түркстан деген термин менен синоним катары колдонулган. *Айтматовдун идеясы Ынтымак, Турандарды бириктүүгө чакырат* (Акматалиев).

**ТУРАНЫН СӨӨГҮ** Жылкынын туягынын ичиндеги сөөк.

**ТУРАСЫ ТҮГӨНҮҮ** Абдан убара болуу, катуу кыйналуу, катуу чарчоо. *Бара берип, турам түгөндү. Турасы түгөнүп, акылы мокоп отурган Тазабек кейип койду* (Сыдыкбеков). *Муслимахундун да айласы кетип, турасы түгөндү* (Жантөшев). **В.: Турасы жоюлуу.** *Куда тосом деп чуркай берип турам жоюлду* («Асаба»).

**ТУРБИНА** Айланма калакчалардын жардамы менен буунун, газдын, суунун энергиясын механикалык ишке айландыруучу кыймылдаткыч.

**ТУРБИНАЛЫК** **турбина** дегенге тандык.

**ТУРБОГЕНЕРАТОР** Буу трубинасы менен аракетке келтирүүчү өзгөрүлмө же туруктуу токтун электрдик генератору.

**ТУРГУЗ** **тур** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУРГУЗДУР** **тургуз** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУРГУЗУЛ** **тургуз** этишинин туюк мамилеси.

**ТУРГУЗУУ** **тургуз** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУРГУЛУК** Туруп калуучулук, тура тургандык, туруучулук.

**ТУРГУЛУКТУУ** 1. Тургулуктуу жер. Оокат-тиричилик өткөрүп жашап калууга ылайыктуу жер, жайлуу. *Тургулуктуу жер.* 2. Тургун болуп калган, такай бир жерде жашап үйрөнүп калган, жергиликтүү. *Тургулуктуу эл.*

**ТУРГУН** Такай бир жерде жашоочу, туруктуу, жергиликтүү. *Айылдын тургундары.*

**ТУРИЗМ** Эс алуу, өз өлкөсүнүн ар кандай жерлери жана башка өлкөлөр менен таанышуу максатында жүргүзүлгөн саякат; жөө, велосипед, лыжа ж.б. менен жүрүүчү денени чыңоо максатындагы спорттун түрү, саякат, жүрүш. *Эл аралык туризм. Тоо туризми. Спорттук туризм.*

**ТУРИСТ** Туризм компаниясына катышкан адам.

**ТУРИСТТИК** **турист, туризм** дегенге таандык. *Туристтик саякат. Туристтик база.*

**ТУРК: буттун турку** *же* **буттун туркусу** Буттун согончоктон тартып, башына чейинки узундугу.

**ТУРКУ** **турк** менен бирдей.

**ТУРМАН** Кандайдыр бир нерсенин майда-чүйдө жабдуулары, жасалгалары. *Кыргыздын чоң-чоң байлары аттын турмандарын коодой турган жасалгаларды да көп сурашчу* (Абдукаримов). *Ээр турманы. Үй турманы.*

**ТУРМУШ** 1. Жашоо шарттары, күндөлүк тиричилик. *Турмуш кыстап ушундай, Туура тосту жолумду* (Казыбек). *Мезгил өткөн сайын, келечек турмуш жөнүндө ойлоо ар кимдин башына түштү* (Сасыкбаев). *Турмуш бардыкка үйрөтөт эмеспи* (Байтемиров). *Катаал турмуштун запкысынан эл жүрөгү букка толду* (Жакиев). *Кабылып катаал турмуш бороонуна, Тагдырдын ачуу даамын татканымды* (Байгазиев). 2. Бизди курчап турган реалдуу чындык; тиричилик. *Турмушта болбой турган көрүнүш.*

**ТУРМУШ КУРУУ** Үйлөнүү.

**ТУРМУШКА ЧЫГУУ** Күйөөгө чыгуу, бирөө менен баш кошуу. *Турмушка чыкканың менен али жашсың* (Сасыкбаев). *Айжан турмушка чыккан* (Бейшеналиев).

**ТУРМУШТУК** **турмуш** дегенге таандык.

**ТУРНА** Узун моюндуу, узун буттуу чоң саз кушу. *Турнанын да башчысы бар* (макал). *Касиеттүү турналар эртең жылуу булактан эрте учуп чыгышып, улуу тоолорду ашып, түштүккө учуп кетишет* (Стамов).

**ТУРНАБАЙ** Дүрбү. *Колдорубузда турнабай болгондуктан, айлананы алыска-алыска чейин карайбыз* (Каралаев). *Турнабай колго алганы, Тунарып жаткан талаасын, Алмаң кайкалап карап калганы* («Манас»).

**ТУРНЕ** Айланып кыдырып келүүчү каттамдагы саякат. Артисттердин же спортсмендердин гастролдук көрсөтүүлөр менен шаарларды кыдырып жүрүшү.

**ТУРНИК** Жумуру темирден жасалып, эки тирөөчкө туурасынан бекитилген гимнастикалык жабдуу. *Турникте ойноо.*

**ТУРНИКЕТ** Кишилерди бирден жиберүү үчүн арналып стадиондун, станциянын ж.б. кире бериш жерине тосуп коюлган тегеренме каршы-терши жыгач, тоскуч.

**ТУРНИР** Бардык катышуучулары өз ара беттешип чыга турган спорттук мелдеш. *Шахматтык турнир.*

**ТУРНИРДИК** **турнир** дегенге таандык. *Турнирдик беттешүүлөр.*

**ТУРП** **чамгыр** менен бирдей.

**ТУРПАК** **топурак** менен бирдей. *Мастан кемпир жүгүрүп жолдун үстүнө барды, бир ууч турпакты чеңгелдеп алды* («Эл адабияты»).

**ТУРПАТ** 1. Жалпы келбет, сымбат, кебете. *Сырткы турпатынан Мукайдын мүнөзү апасына окшош* (Таштемиров). *Мамбеткулдун турпатында өкүмдүк да, кайра, тартпас эрдик да бар* (Каимов). 2. Бүткөн бой, мүнөз, кыял, бой, келбетти камтыган, болгон-бүткөн табият. *Арзыматка бир кат жазуу менин бүтүн турпатымды бийледи* (Жантөшев). *Жаралган турпат, туюм, акыл-эстин, Дүйнөлүк түбөлүктүү түйүнүмсүң* (Сариева). *Топуракка жашынганда турпатым, Топурашып сөз айтышаар ич ара* (Бегимкулова).

**ТУРПАТТАШ** Окшош, турпаты бирдей.

**ТУРУК I** 1. Туруучу жай тура турган, жашай турган жер, турак. *Анжиянда Адигине туругу* (Тоголок Молдо). *Дөдөмөлгө чоң колхоз Турук алган кезеги* (Тоголок Молдо). 2. Туруктуулук, бекемдик, өзгөрүп кетпөөчүлүк. *Сөзүнүн туругу жок.*

**ТУРУКСУЗ** Туруктуу эмес, бир калыпта турбаган, өзгөрүп кетме.

**ТУРУКСУЗДУК** Туругу жоктук, бир калыпта турбоочулук, өзгөргүчтүк, туруктуу эместик.

**ТУРУКТУУ** 1. Дайым бир жерде турган, бир жерде жашаган, жергиликтүү. *Туруктуу эл. Туруктуу журттан айрылып, Түйшүккө кудай кошконбу?!* (Казыбек). 2. Тез өзгөрүп кетпей турган, чыдамдуу, бир калыпта болуучу, өз калыбынан өзгөрбөгөн. *Үйрөнсө, туруктуу болсо, бардык эле жумуш оңой* (Сасыкбаев). *Дүйшөнкул Шопоков тартиптүү, кайраттуу, туруктуу боец болду* (Бөкөнбаев).

**ТУРУКТУУ КУШТАР** Ар дайым бир

жерде жашаган куштар (келгин куштардан айырмалуу).

**ТУРУКТУУЛУК** Бир калыпта болуу, туруктуу болуу сапаты, касиети, кандайдыр бир башталган ишти аягына чейин жеткирүүчүлүк, көшөрүүчүлүк. *Эл падышалык куралдуу күчтөргө туруктуулук менен каршылык көрсөтүштү* (Абдукаримов).

**ТУРУМ I** Турук, туруктуулук. *Сөзүнүн туруму жок.*

**ТУРУМ II** 1. Каалга менен босого жыгачты бириктирип, ачылып-жабылышына мүмкүндүк түзгөн тетик. 2. Кулпу илүү үчүн каалгага жана босого жыгачка тагылган темир. *Уурулар мал короонун каалгасынын турумун жулуп, бастырмада байланып турган эки семиз уйду жетелеп кетишиптир* («Агым»).

**ТУРУМДУУ** Туруктуу, токтоо,чыдамкай.

**ТУРУМДУУЛУК туруктуулук** менен бирдей.

**ТУРУМТАЙ** Кыргыйдан кичирээк, көбүнчө майда чымчыктарды алуучу жырткыч куш. *Айланып учат боз торгой, Артынан кууса турумтай* (Үсөнбаев).

**ТУРУТ** 1. Негизги, нугу, түбү. 2. *өт.* Амал-айла, күч-кубат. *Бүтүрдүм эле турутун* («Манас» С.О.).

**ТУРУУ тур** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУРУШТУК** Туруктуулук, чыдамдуулук, каршы турууга, кайрат кылууга жарамдуулук. *Торпок кээде бүрүшөт, кээде мойнун жикийтип салмакка туруштук бергиси келет* (Токомбаев). *Бере албай жоо туруштук, тура качты* (Үмөталиев).

**ТУСАПСА: тусапсасы кармап туруу** *диал.* Кучунашы кармоо, урушкусу келүү, кыртышы сүйбөй кыжырлануу.

**ТУТ I** 1. Кол менен кармоо, кармап алуу. *Жолой бекем тутканы, Колун Кошой булканы* («Манас»). *Баланы көргөнүмдө бекем туттум, Шашылып атарында качып чыктым* («Эл адабияты»). *«Басмачы туттук» деп жазган катка* (Абдыраманов). 2. Кабыл алуу, макул кылуу, кабыл алып, ошол тартипти көз карашты ж.б. сактап жүрүү. *Жолборстор тутту буйругун, Баары келди баш ийип* («Манас»). *Ак падышанын амирин тутуп, кен ээси көп көмүр каздырып берүүгө милдеттенди* (Сасыкбаев). *Мандикерликке катталгандар муну эсиңерде туткула* (Абдукаримов). 3. Пайда боло калуу, кармай түшүү, келе калуу. *Ырайымжандын бир туруп жаалы тутқансыды* (Касымбеков). *Кечке маал безгегим тутпаса – мен да барамын деди Кулбаш* (Абдукаримов). 4. Белгилүү бир абалда кармоо, сактоо. *Демейде жеңил, демейде алга чапма Самар азырынча өзүн токтоо тутту* (Таштемиров). *Таза тутуп китебин, Күн нурунда көгөргөн* (Нуркамал). 5. Башка бир катар сөздөр менен айкалыша келгенде ошондой көрүү, ошондой деп эсептөө маанисин билдирет. *Улут айырбай дос тутуп, Жүйүр кылган орустар* (Тоголок Молдо). *Кызы Сүйүмканды эш тутуп Ажар келди* (Жантөшев). *Азыр алар Динарды караан туттубу, төрт мамынын ортосуна үймөлөктөштү* (Сыдыкбеков). *Маалимдин өзүн ууру тутсак, осолдук болор деди Омор* (Сыдыкбеков).

**ТУТ II тыт I** менен бирдей.

**ТУТАЛАК** *диал.* Оорусу же кыжырланусу кармай калган учур. *Туталак жиним бар эле, Бүгүн кармап калыптыр.*

**ТУТАЛАН** Кыжырдануу, кыжыры кайноо, күйүп-бышуу. *Амантур бирде туктүйүп, бирде кабагын түйүп сурданып туталана берди* (Убукеев). *Даша туталанып айтыша кетти* (Сасыкбаев).

**ТУТАЛАНТ туталан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТАЛАНУУ туталан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТАМ** 1. Колдун бармагы бир жагынан, башка төрт манжасы экинчи жактан имерилип келип кармаганда алардын ичине толтура камтый кармалган нерсенин өлчөмү. *Алымкул жалбыздан бир тутам жулуп алып жыттай баштады* (Абдукаримов). *Бурма уюнун алдына бир тутам чөп салып коюп, аны оорсок саай кетти* (Каимов). 2. Тутамдап кармаганда муштумдун бийиктигине барабар келген узундук. *Чылбыры тутам калбаса, Чындаган жоого алдырбас* («Манас»).

**ТУТАМ ТУТПАЙ КАЛУУ** Эчтемеси калбай калуу, кур жалак калуу, кол жууп калуу, колунда эч нерсе калбоо. *Жүгөрүсү үшүп кетип, тутам тутпай калды* («Ала-Тоо»).

**ТУТАМДА** Тутам менен кармоо. *Кычан тизгинди тутамдай кармады* (Бейшеналиев). *Чаргын чаначты чымчып буулган оозунан тутамдай кармап, чайкай баштады* (Сыдыкбеков).

**ТУТАМДАТ тутамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТАМДОО тутамда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТАН** 1. Күйө баштоо, от алуу, жага баштоо. *От тутана баштады* (Абдукаримов). *Мештеги отун тутанып, дуулдап күйдү* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Өркүндөп өөрчүү, күч ала баштоо, күчөө. *Кобур-кубур тутанды* (Бейшеналиев). *Кагылам, уккун, курбулар, Кайратың жансын тутанып* (Бөкөнбаев). 3. *өт.* Ачуулануу, ачуусу келип кардануу, ачууланып жүрүү. *Тутанып өл. Каары катуу заары күч, Тутанып өлгөн Канчоро* («Сейтек»).

**ТУТАНГЫЧ** Тез от алуучу, тез тутануучу, күйүп кетүүчү. *Тутангыч заттар.*

**ТУТАНДЫР тутан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТАНТ тутандыр** менен бирдей.

**ТУТАНУУ тутан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТАР** *диал.* Тутка.

**ТУТАШ I** Тутумдаш, келки, катары менен, улаштыра, жалпы, жапырт, бүт. *Сапар төшөктү жерге туташ салды* (Бейшеналиев). *Булардын кыштоосунда бир бөлмөлүү там, ага туташ салынган жапыз малкана турат* (Абдукаримов). *Мурда катсабатсыз калкыбыз туташ сабаттуу болушту* («Кыргызстан маданияты»). *Уйларды сааш жумушу туташ электрлештирилет* (Убукеев).

**ТУТАШ II** Тутумдаш болуу, биригүү, кошулуу. *Тулку боюң туташкан, Чың ширетип койгондой* (Калык).

**ТУТАШТЫР туташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТАШУУ туташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТКА** 1. Эшиктин, чемодандын ж.б. кол менен кармала турган бөлүгү, сабы, кармагычы. *Каалганын туткасы. Чайнектин туткасы.* 2. *өт.* Таяныч, тирек, жөлөк, негиз. *Бала төрө Семетей, Элине тутка болгон дейт* («Семетей»). *Тынчтыкта жанаша жашоо өлкөбүздүн тышкы саясатынын туткасы болгон, азыр да болуп кала берет* («Ала-Тоо»).

**ТУТКАК** 1. Каардуулук, жаалдангандык, кыжыры келгендик, туталануучулук. *Канчоронун туткагы кармап тутулду, Каардданып күүлөнүп, Күлчорого сүйлөндү* («Сейтек»). 2. *өт.* Майда ууру, жулук ууру. *Дагы эле чоңунан кичинеңерге чейин туткагыңар кала элек тура* («Ала-Тоо»).

**ТУТКАКТА** Жибербөө, асылуу, ээрчип алуу. *Чегиртке алдыртан Акияны туткактап, Марусяга көз кысып калды* (Сыдыкбеков). *Артынан туткактап ыйлап бара жаткан Эркинди Муслимахун бетинен эки өптү* (Жантөшев).

**ТУТКАКТАТ туткакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТКАКТОО туткакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТКАКТЫК** Майда уурулук, жулук уурулук. *Куласылдын туткактыгы дагы кармады* («Чалкан»).

**ТУТКАЛУУ** 1. Туткасы бар. *Ал колуна туткалуу, узун бургуну кармап келе жаткан* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Белдүү, кармангалы, таянган жөлөк-тиреги бар, күч-кубаттуу. *Туткалуу кыргыз ак калпак, Тууганым кетпес көңүлдөн* (Бөкөнбаев).

**ТУТКАП** *диал.* Кыжыры кайнап, ачуусу келгендик, туткак.

**ТУТКУЗ тут** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТКУН** 1. Согуш учурунда колго түшкөн жоокер, колго түшүрүп алынган жоо тараптын адамы. *Чалгынчылар туткунду өтө этияттык менен командирге тапшырышты* (Баялинов). *Кырк чакты солдат тегеректеп туткундарды айдап келе жатты.* (Жантөшев). 2. Душмандын колуна түшкөн абал, жоо тараптын колуна түшүү абалы. *Бир канчасын жайлап, далайларын туткунга алдык* (Каралаев). *Ал туткунда жүргөн шордуу экен* (Калык). *Туйлай албай, түшкөн соң, Туткун болуп колуна* (Казыбек). 3. *өт.* Көз каранды, эрксиз абал, эрксиз. *Туткунда жаткан элдерди, Биздин түйгүндар барып бошотту* (Үсөнбаев). *Көрүп жүрөм көз менен: Мен сыяктуу туткундун, Далайы ачтан өлгөнүн* (Токтогул). *Аялдар анда туткунда, Пардалуу жүктүн бурчунда* (Нуркамал).

**ТУТКУНДА** Колго түшүрүү, туткун кылуу, туткунга алуу.

**ТУТКУНДАЛ туткунда** этишинин туюк мамилеси.

**ТУТКУНДОО туткунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТКУНДУК** Туткундун абалы, туткунга түшкөн кишинин абалы, өз эркинче, боштондукта боло албаган эрксиздик. *Сен далайды өткөрдүң, Туткундукту көп көрдүң* (Токомбаев).

**ТУТКУР** *диал.* Туткузуу.

**ТУТКУЧ** 1. Тутка. 2. Идиш-аяктын туткасын кармоо үчүн ылайыкталып кийизден, чүпүрөктөн ж.б. жасалган кол кап, кармагыч. *Эрке кыз корго койгон ак чайнегин туткуч менен этияттап кармап алып, Жылдызкандын жанына коёт* (Байтемиров).

**ТУТТУГУУ туттук** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТТУК** 1. Заара кыла албай калуу, заарасы токтоп калуу. 2. Мукактануу, кекечтенип сүйлөй албай калуу. *Жапек эриндерин кыбыратып, бир топко калтырап, туттугуп турду* (Жантөшев). 3. **туталануу** менен бирдей.

**ТУТТУР туткуз** менен бирдей.

**ТУТУЛ тут** этишинин туюк мамилеси.

**ТУТУМ** 1. Тутумдашкан чогуу бир бүтүн. *Эл тутум бир бүлөдөн таралгандай* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир бөлүкчөлөрдүн тутумдашкан чогуу бир тармагы, абалы, бириги. *Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр.*

**ТУТУМДАШ** Чогуу бир бүтүнгө кошулуу, биригүү, уланышып туташып кетүү. *Ал апай бет жогору көздөй созулуп отуруп, аркы чоң тоого тутумдашат* (Таштемиров).

**ТУТУМДАШТЫР тутумдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУТУМДАШУУ тутумдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУТУН** 1. **тут** этишинин өздүк мамилеси. 2. Асырап алуу, багып алуу. *Туубасаң*

*да, энеке, Тутунуп мени багып ал* (Токтогул). 3. Жөлөк, таяныч катарында бел кылып кармануу. *Тутунарга туяк жок, Тууганынан айрылган, Журтта мендей чунак жок* («Манас»).

**ТУТУУ I** 1. Боз үйдүн уук-керегесин каптап турган жабуусу. *Тутууларын самтыратып эки кара үй турат* (Жантөшев). 2. **туурдук** менен бирдей.

**ТУТУУ II тут** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУУ I** 1. Аскер бөлүгүнүн, бирикмесинин, мамлекеттин, кандайдыр бир уюмдун ж.б. эмблемасы катарында эсептелүүчү, белгилүү бир же бир нече түстүү, бетинде жазуусу, коодуктары ж.б. бар, жыгачка бекитилген кездеме. *Жалпайтып тууну жыгат – деп* («Манас» С.О.). *Машташып жүрсө көчөдө, Майрамдын көркүн туу берет* (Токомбаев). *Бул туунун жазуусу бар орок-балка, Ал – достук, элдериме болгон арка* (Маликов). 2. *өт.* Кандайдыр бир топтун, уюмдун ж.б. бирдиктүү аракетинин негизи болгон жетекчинин идеясы. *Турмуштун туусу абамдар, эмгектин чакты маңызын* (Бөкөнбаев). *Кычандын ысмын туу ордуна кармашат* (Бейшеналиев). *Салам, Баку, Айтматовду Туу кылган, Түрк дүйнөсү – Өз мекени туюлган* (Акматалиев).

**ТУУ II** 1. Төрөө, төлдөө, төл берүү, тукумдоо, жумуртка берүү. *Жанында сулуу келин бара жатты, Көтөрүп жаш баласын тууган жаңы* (Үмөталиев). *Коёндон окшош козусу, Коюнар тууган эгизден* (Маликов). *Жору туучу зоокаларды талкалап, Жол салганбыз автобузду чубатып* (Калык). 2. Жаңыруу (ай жөнүндө). 3. Пайыз өсүү, пайда, үстөк кошуу. 4. Туулуу. *Намыска туулган артык эр, Көк ала сындуу ат минген* («Манас»). *Атам туулуп көрбөгөн Жерге бардың, кайран жан* (Токтогул). *Коңурдун башын албасам, Туубай туна чөгөйүн* («Семетей»).

**ТУУ БЕЛ** Тоонун эң бийик жери, жеткен чеги. *Алгач жолугуп, коштошкондогу туу белде атын тыныктырды* (Бейшеналиев). *Шамшынын туу бели.* **В.: Туу жон.** *Машина калың бедени жирей келип, туу жонго токтоду* (Өмүрбаев). *Сабыр туу жонго чыкканда, алдыдан жашыл өрөөн ажайып көрүндү* (Жунусов). **Туу чоку.** *Аскар туу чокуга жеткиче көзү чачырап кетти* («Ала-Тоо»).

**ТУУ БИЙКЕ** Күйөөгө тийгенге, эрге чыкканга чейин эле төрөп алган кыз, бийкеч.

**ТУУ ЖЫГУУ** Жеңишке ээ болуу маанисинде. *Жалпайтып тууну жыгат – деп* («Манас» С.О.).

**ТУУ КАЗАНАТ** Түбөлүк кен, казына.

**ТУУ КАЛУУ** Кысыр калуу, туубаган.

**ТУУ КУЙРУК** Жылкынын куйругунун узун, жоон кылы.

**ТУУБАС** Төрөбөй турган, төрөбөгөн, туубай калган (аялдар жөнүндө). *Сен болсо кемпир туубассың, Мен кейикчел куу башмын* («Кедейкан»).

**ТУУБАСА ДА ТУТУНГАН** Жат болсо да өздөй кылып багып өстүргөн, өздөй көрүп асыраган. *Туубасам да тутунган кулунум элең, мени бир жерге жашырып кет, – деп, эне алсыз үнү менен араң кыңылдады* («Ала-Тоо»).

**ТУУГАН** 1. Ага-ининин балдары, бир атанын балдары, бир уруудан таркаган адамдар. *Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат* (макал). *Мукай менен Абаз жакын туугандардын балдары* (Таштемиров). *Тууган-уругу жоктон бетер жесир калган кызыңарды эмдигиче өзүңөргө алып албаганыңар кандай?* (Жакиев). 2. Агайын, жолдош деген мааниде кайрылуу иретинде айтылуучу сөз. *Казак тууган келгиле, Сөзүмө көңүл бөлгүлө* (Калмырза). *Эми ушул жерден коштошолу, тууган* (Жантөшев). 3. *өт.* Жакын, жолдош, дос. *Калайык тууган, калың журт, Кайта көрдүм түрүңдү* (Токтогул). *Каршылашып кармашпай, Түбөлүккө эл болуп, Тууган болуп калалы!* («Семетей»).

**ТУУГАНДАШУУ тууганда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУУГАНДУУ** Тууганы бар, тууганы көп. *Туура бийде тууган жок, тууганду бийде ыйман жок* (макал).

**ТУУГАНДЫК** Адамдар ортосунда бир тууганды байланыш. *Туйгун Манас баатырга, Булардын тууганды гы бар экен* («Манас»). *Дубай салам кат жаздык, Тууганды гын сагына* («Эр Табылды»).

**ТУУГАНСЫ** Тууган көрүү, тууганым деп эсептөө, тууган деп саноо. *Туугансып Манас барыптыр* («Манас»). *Сан кара боз байгени, Айдап алып жатканда, Туугансып жетип келбейсиң* («Эр Табылды»).

**ТУУГАНСЫН туугансы** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУУГАНЧЫЛ** Тууганын жакшы көргөн, тууганда рын колдогон, тууганына жан тарткыч.

**ТУУГАНЧЫЛА** Тууган-туушкандык жакындыгы, мамилеси боюнча келип-кетишип катташуу, баруу. *Тууганчылап келишсин, Сый-сыпатын көрүшсүн* («Ала-Тоо»).

**ТУУГАНЧЫЛАТ тууганчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУГАНЧЫЛЫК** Туугандык, туушкандык, тууганды гы жагынан жакын мамиледе, тууганды к сезимде болуучулук. *Тууганчылыктан кечип жибергени турасыңбы?* («Кыргызстан маданияты»).

**ТУУГУЗ туудур** менен бирдей.

**ТУУДУР туу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУЙ ЭЛЕК УЙДУН УУЗУНА КҮЙҮҮ** Эч

бир дайыны жок эле бир нерсени күтүү, жакында болор-болбосу белгисиз болгон нерсени күтүү.

**ТУУЛ туу** этишинин туюк мамилеси. *Кагылайын туулган жер, не болгонсуң, Мынча неге кеткенсиң өңдөн азып* (Байгазиев).

**ТУУЛГА** Жоокердин кылыч, ай-балта, ок тон ж.б. коргонуу үчүн кийген баш кийими. *Туулганын астында, Томуктай болгон кара таш* («Манас» С.О.).

**ТУУМ** Төлөмдүн мөөнөтүнөн кечиктирилип жиберилгендиги үчүн төлөнүүчү айып.

**ТУУМА: энеден туума** Жыпжылаңач, дырдай жылаңач. *Энеден туума Сатар чалкасынан сулап жатат* (Бейшеналиев).

**ТУУНДУ** Башка бир чоңдуктан, формадан ж.б. келип чыккан, түзүлгөн, пайда болгон. *Туунду чоңдук. Туунду сөз.*

**ТУУР** 1. Алгыр куштарды кондуруучу жыгачтан жасалган атайын отургуч. *Туурумду басып карганча, Өзүмдү тарткан балам жок* (Урмамбетов). *Бул туур үч ачакей арчадан жасалган* (Каимов). *Кедей үйүнө келип, капшытка камалган кушка туур орнотту* («Жомоктор»). 2. Орун алып, жай алуучу жери, барар жери, конушу. *Көп атаэнелер, көзүбүздүн тирүүсүндө карызыбыздан кутулуп, туурунa кондуруп тыналы дешип, жаш кыздарын окуудан ажыратышып, келечек жолуна кесирин тийгизишет* («Кыргызстан аялдары»). *Туяксыз дүйнө кайтамбы, Туурумду таштап жерге мен. Туурунa кайра айланып кайтышпады – Далайлар чоочун жакты конуштaшып* (Байгазиев). *Туурумдан тууган жерди мен жоготуп, Алыстан кайра өзүңдү тапканымды* (Байгазиев). 3. *өт.* Негиз, таяныч, түп. *Менин туурум силерсиңер, же бул үй менин туурум. Балдагы алтын туурда* («Манас» С.О.).

**ТУУРА I** 1. Бир нерсенин эни, эки капталынын аралыгы, жазылыгы. *Туурасына көз жетпес, Бет алдында чоң мунар, Эми көзгө көрүнөт* («Эр Төштүк»). *Туурасы жоон – бою пас, Дулдугуй беттүү, өңү саз* («Манас»). 2. Узунунан эмес, көлдөлөңүнөн. *Атка туура өңөрүп алышып, чаап жүрүп калышты* (Жантөшев). *Алдына туура асынган, Автоматчан бир бөлөк* (Бөкөнбаев). 3. Каптал тарап, эки жагы. *Туурадан шабыр-шубур табыш чыкты* (Сыдыкбеков). *Туура жагын караса, Бир бөлүгү жылкынын Чыйырчыктай карала* («Манас»).

**ТУУРА II** 1. Жалган эмес, чын, чындыкка негизделген, чындыкты көрсөткөн. *Корчунун инилерин билгендер «кишиге зыяндары жок, туура сөздүү» деше турган* (Токомбаев). *Чын сөзду туура айтуудан таймана албайм, Биз элбиз, биз киши- биз – сени менен* (Осмонов). 2. Чынчыл, калыс, түз, эч тарапка кошулбаган. *Туура бийде тууган жок, тууганддуу бийде ыйман жок* (макал). 3. Жаңылыш эмес, ката эмес. *Сынай бил адам уулун туура баалап* (Осмонов). *Сөзүң чын, Жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов). 4. Ылайык, ылайыктуу, төп. *Эл Алымкулдун сөзүн туура табышты* (Абдукаримов). *Таалайыңа жалгызым, Талабың туура туш болсун* («Курманбек»). 5. Дал, нагыз. *Нурийла Абылдан туура үч жаш кичүү* (Таштемиров).

**ТУУРА III** Кандайдыр бир кыймыл-аракетке, сүйлөгөнүнө ж.б. окшоштура кыймыл-аракет жасоо, сүйлөө ж.б. *Токтогулдун элпек көмөкөйү да канаттуулардын түркүн тилдүү, шыңгыр дабыштарын туурап, кайталоо менен алектенди* (Токомбаев). *Дайым чоң энесин туурап сүйлөгөн Динар кишилер күлгөнгө бир аз кызарып, кошо күлдү* (Сыдыкбеков).

**ТУУРА IV** 1. Майдалап кесүү, майдалап бөлчөктөө, кырчып кесүү. *Эт, майда тууралган экен. Жылдызкан заматтын ортосунда пияз, сабиз тазалап, аарчып, туурап жиберди* (Байтемиров). – *Чайыңа нандан туурап алгын, Алым* (Жантөшев). 2. *өт.* Кыдыруу, басып өтүү. *Тулпардан туяк түгөтүп, Туураны дабак, ашууну* («Эл адабияты»).

**ТУУРАЛ туура IV** этишинин туюк мамилеси.

**ТУУРАЛА** 1. Туура, ылайык келген абалга келтирүү, жөнгө салуу. *Эр жигиттин жакшысы, Элдин ишин тууралап, Жылдан жылга чыйралат* (Барпы). 2. Ишти бүтүрүү, мурда сүйлөшүлгөндөй бүткөрүү. – *Өрттү ким койду? Өзүңөр катыштыңарбы?* – *Алымкул экөөбүз эле тууралaдык* (Абдукаримов).

**ТУУРАЛАН I туурала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУУРАЛАН II** Кергиштөө, каршы экендигин билдире жактырбаган кыял көрсөтүү.

**ТУУРАЛАНТ тууралан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУРАЛАНУУ тууралан II** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУУРАЛАТ туурала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУРАЛЖЫН** Туурасынан келген, туурасы бир аз чоңураак, толугураак. *Мейман тараз бойлуу, төшү чыгыңкы, тууралжын келген чийкил киши* (Касымбеков).

**ТУУРАЛУУ** Жөнүндө. *Иш тууралуу сүйлөшүү. Мектептеги тартип тууралуу.*

**ТУУРАЛЫК** Чындык, адилеттик, калыстык. *Кимибизде тууралык, Кандай өсүш болсо да, Кабарлашып туралык* (Осмонкул). *Жумушчу адам ар дайым иштин тууралыгын, чындыгын сүйөт* (Жантөшев).

**ТУУРАМ** Туурала турган нерседен бөлүнүп

алынган бөлүк, бир ирет туураганга тете өлчөм.

**ТУУРАМЧЫ** Этти жакшы туурай турган адам, туурагыч. *Туурамчыдан тууганың болсун* (макал).

**ТУУРАНДЫ** Кандайдыр бир нерсенин үнүн, дабышын же кыймыл-аракет, элесин туурай айтылган. *Туурanды сөз.*

**ТУУРАНЧЫК** *диал.* Тиешеси болбогон ишке кийлигише бергич, башка бирөөнүн ишине, ыгы жок ишке кийлигише берүүчү.

**ТУУРАТ туура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУРАШ туура IV** этишинин кош мамилеси.

**ТУУРДА** *сейр.* Тегерегинен кетпей, алыстабай айланчыктап жүрүү, тушунан кетпей андып жүрүү, сагалап акмалап жүрүү. *Айылдын четин туурдап, Ашка арнаган малыңды, Алып турган уурдап* («Эр Табылды»).

**ТУУРДУГУ МАЙ БОЛУУ** Оокаттуу жашоо, бай туруу, кененчиликте туруу. *Туурдугу май болду, Турган айлы бай болду* («Манас»).

**ТУУРДУГУ СЫЙРЫЛУУ** Кыйрап калуу, талкалануу, бүлүнүү, таш-талканы чыгуу (душман тарабынан).

**ТУУРДУК** Боз үйдүн керегелерин жабуучу төрт бөлүктөн турган жабуусу. *Туурдукту туштан түрүшөт, Шыкаалаган көз чыгып, Шыңкылдашып күлүшөт* (Токтогул). *Токтогул ырдап олтурган үйдүн тутуусун сыйрып койбосо, чогулгандар туурдуктарын жыртып жиберишчү эле* (Бөкөнбаев). *Туурдук түрүп шыкаалап, Тушунан комуз кагалы* («Курманбек»). *Туш болсо түндүк тартылып, Туурдугун түрүп уктаган* (Казыбек).

**ТУУРДУК БАШ туш кийиз** менен бирдей.

**ТУУРОО туура** этишинин кыймыл атоочу. *Майда тууроо. Кесек тууроо. Эт тууроо.*

**ТУУРУК** Бети-баштын, кол буттун куудурап жарылып кеткен жарыгы, майдамайда болуп кесилип, туурулуп кеткен каткат тилик. *Колу туурук ударникке жолугуп, Азамат деп далысынан кагууга* (Осмонов). *Кеберсиген эриндери кумсарып, Саргыл беттер туурук-туурук тилинген* (Бөкөнбаев).

**ТУУРУЛ** Кесилип, жарылып кетүү, туурук-туурук болуп кетүү. *Сары туурулган согончогу менен торпогун колтукка тепкилеп, Айтуунун айтканын тыңшады* (Токомбаев). *Эшкул Сапардын бети-башын туурулган алаканы менен сылады* (Бейшеналиев).

**ТУУРУЛТ туурул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУУРУЛУУ туурул** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУУСАРЫ** 1. Абдан семиз, май баскан. 2. Телегейи тегиз, баары бар.

**ТУУТ** 1. Малдын төлдөшү, төлдөө убагы. *Малдын туугу башталды* (Абдукаримов). *Туут убагы башталып калгандыктан, койчулар коюн алыс жайбай, төлдөтүү сарайына жакын жайышат* (Жантөшев). 2. Төл берүү абалы, төлдөө абалы, төрөт. *Тууттан калуу. Тууттан калган туу инген* («Манас»).

**ТУУЧА** 1. *диал.* Кысыр калган үч жаштагы бээ. 2. *диал.* Бир жашта тоо эчки, чебич.

**ТУУЧУ** Туу көтөрүүчү, туу көтөргөн (киши).

**ТУУШ** Жигердүү кайрат күч кубат. *Маңдайы жазы, башы кууш, Бар боюна толду тууш* («Манас»).

**ТУУШАЛ** Ооноо, бир капталынан экинчи капталына көтөрүлүү, кыймылдоо оонолактоо.

**ТУУШКАН** Тууган, туугандык жакындыгы бар адам. *Сарттар, Багыш туушкан, Элим калат окшодуң* (Токтогул). *Сулайларга туушкан бирөө келди.*

**ТУУШКАНДЫК** Туугандык, бир тууgandык.

**ТУУШТУУ** Жигердүү, күч-кайраттуу, чыдамдуу, чыдамкай. *Тууштуу тууган ардан-байт, Куйүтсүз киши зарданбайт* (Токтогул).

**ТУФЛИ** Кончсуз, жеңил бут кийим. *Бутунда кара туфли сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев).

**ТУШ I** 1. Бир нерсенин оң же сол жагы, тарабы, каптал жагы, туура жагы. *Дилделердин тамынын тушунан өтө беремимде бутумду араң кыбыратып калдым* (Касымбеков). *Тигил атчан ошол туштан өтүп баратып бирдеме деп койду* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир учур, белгилүү бир убакытка, окуяга ж.б. туура келген мезгил. *Чынында Атантай өз тушундагы момун, жоош, эстүү карыдан* (Сыдыкбеков). *Бай-манаптын тушунда, Айдалып жүрүп кууpадым* (Токтогул).

**ТУШ II** *муз.* Салтанаттуу кырдаалда (урматтоо, куттуктоо, сыйлык тапшыруу ж.б. учурларында) аткарылуучу кыска музыкалык пьеса. *Туш ойноо.*

**ТУШ КЕЛДИ** Туш келгендей, ирээттүү эмес, чачкын, баш аламан. *Туш келди таштай берүү. Туш келди чачылган абалда болуу.*

**ТУШ КЕЛҮҮ** Кез келүү, туура келүү, дуушар болуу, кабылуу. *Биз айылдан чыгып, кечмелиги жайык өзөн суугa туш келдик* (Каимов). **В.: Туш болуу.** *Таалайлуу заман туш болуп, Артылды сыймык-багыңар* (Осмонкул). *Кайдан жүрүп ушул өлжүрөккө туш болуп калганын, эми калган өмүрү деле ушинип өтөөрүн, биринин артынан бирин чууртуп жатты* (Усубалиев).

**ТУШ КИЙИЗ** Үйдүн тушуна (керегеге, тамдын дубалына) тартуу үчүн оюп, сайма түшүрүлгөн, кооздолгон буюм. *Көздүн жоосун алган тукаба туш кийиз.*

**ТУШ ТУУРДУК** *диал.* Туш кийиз.

**ТУША** Алдынкы эки бутун кенен шилтей албай тургандай кылып байлаштырып коюу, тушамыш салуу. *Атты үйдөн обочороок жетелеп барып, тушап коё беришти* (Каимов). *Демилгесин байлап-матап инсандын, Тушаганга айтчы неге куштарсың?* (Байгазиев).

**ТУШАК** **тушамыш** менен бирдей.

**ТУШАЛ** **туша** этишинин туюк мамилеси.

**ТУШАЛУУ** Тушап коё берилген, тушамыш салынган. *Жакын жерде оттоп жүргөн тушалуу аттарыбыздын дүк-дүк секиргени угулат* («Ала-Тоо»).

**ТУШАМЫШ** Алдынкы эки бутту тушоого арналып жасалган кайыш же жип. *Аттын тушамышы кайда?*

**ТУШАМЫШТА** Тушамыш салуу, тушамыш менен тушап коюу, чидерлөө.

**ТУШАМЫШТАЛ** **тушамышта** этишинин туюк мамилеси.

**ТУШАМЫШТАТ** **тушамышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУШАМЫШТОО** **тушамышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУШАМЫШТУУ** Тушамышы бар, тушамыш салынган, тушамышталган, тушамыш менен жүргөн.

**ТУШАР** Бутунун тушамыш салынуучу жери, чачыгынын үстү, адамдын кызыл ашыгынын үстү, ичке шыйрагы. *Түзүнө карап огород менен тушардан чыккан карды жиреп кетип баратат* (Байтемиров). *Тушарга чыккан көк шибер.*

**ТУШАРЫНА ТЕҢЕБӨӨ** Башка бирөөлөрдү теңсинбөө, өзү катары көрбөө, төмөн саноо, тоотпоо. *Калча менен Жаңжуңдун, Качырып найза сайганын, Тушарына теңебей* («Манас»).

**ТУШАТ** **туша** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУШМА-ТУШ** Дал тушуна келген, даана тушташ келген абал.

**ТУШМАЛ** Өнөр, сыйкыр, сыр. *Баштарын катып көпчүлүк, Байкабай калды тушмалын* («Эл адабияты»).

**ТУШОО I** 1. Тушамыш, тушалган абал. *Жоош аттар тушоодо, кай бир аттар үч буттalган* (Жантөшев). 2. Бат бассын деген ырым менен жаңы баскан баланын бутуна байланып кесилүүчү жип. *Тушоо кесүү.*

**ТУШОО II** **туша** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУШООЛУУ** Бутунда тушамышы бар, тушалган, тушап коюлган. *Балдар да тушоолуу аттарын токуп жөнөштү* (Бөкөнбаев).

**ТУШТА** Туш келтирүү, кандайдыр бир нерсеге ылайыктап болжоо, багыт алдыруу. *Чымырканып Күлчоро Найза тартпай туштады* («Сейтек»).

**ТУШТАШ I** 1. Тушма-туш, туура ченинде. *Тушташ келүү. Тушташ туруу.*

**ТУШТАШ II** **тушта** этишинин кыймыл мамилеси. *Найза менен муштaшып, жүрөктүн башын туштaшып* («Манас»).

**ТУШТУК I** Туш кийиз.

**ТУШТУК II** 1. Туура келүүчү, ылайыктуу. *Ар бир жылдын өзүнчө туштук милдети бар* («Ала-Тоо»). 2. Туш болуу, кез келүү, дуушар болуу, жолугуу, кабылуу. *Куба кой менде ырыс жок, Сендей ээге тушугуп* (Тоголок Молдо).

**ТУШУКТУР** **тушук** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУШЬ** Чийүү, сүрөт же жазуу үчүн колдонулуучу атайын даярдалган кара же башка түстөгү оңой менен өчпөй турган сыя, боёк. *Кара тушь. Кызыл тушь.*

**ТУЮК** 1. Ары карай жүрүүгө мүмкүн болбогон, капталган, бүтөлгөн, ачык эмес. *Чоко жүрүп отуруп, коктунун башындагы бадалдуу туюкка жетти* (Каимов). *Казанчы байдын жайлоосу дайым адам барбас туюктарда болот* (Токомбаев). 2. Ачык эмес, даана эмес, жашырын. *Мен сага айта турган сөзүмдүн бир катарын бая күнү Ошто туюк айткамын* (Жантөшев).

**ТУЮК ЖАРА** 1. Ириндеп, ириңи сыртына чыга элек жара, шишик. 2. *өт.* Билинбей жаткан балаа, ичтен жеген убайым, кайгы.

**ТУЮК СОЮУ** Союлуучу жандыктардын терисин ортосунан жиреп кеспей туруп бүтүн бойдон сыйрып алуу, чанач кылып союу. *Туюк сойгон чаначтай, Түшүнбөй сөздүн жөнүнө* (Токтогул).

**ТУЮКТА** Туюк кылуу, бүтөө, жылчыксыз кылуу.

**ТУЮКТАЛ** **туюкта** этишинин туюк мамилеси.

**ТУЮКТАН** **туюкта** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУЮКТАТ** **туюкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЮКТОО** **туюкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЮЛ** **туй** этишинин туюк мамилеси.

**ТУЮМДУУ** Сезимдүү, зээндүү, бир нерсени бат сезгич. *Туйбаганды туйгузган, Туюмдуу Бакай карыя* («Манас»).

**ТУЮН** **туй** этишинин өздүк мамилеси.

**ТУЮНДУР** **туюн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТУЮНДУРМА** Түшүндүрмө, түшүнүк берүүчү.

**ТУЮНТ** **туюндур** менен бирдей.

**ТУЮУ** **туй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТУЯ** Дайыма көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу жыгачтын бир түрү.

**ТУЯГЫНАН ЧАҢ ЧЫГУУ** Абдан катуу чуркоо, көзгө илээшпей зымырап жөнөө. *Аксурдун туягынан чаң чыгып, жерге тийсе тийип, тийбесе тийбей эликтей элпек арыш таштайт* (Сыдыкбеков).

**ТУЯК** 1. Малдын бутунун жерди басуучу мүйүздүү бөлүгү. *Аттар туяктары менен жер тепкилей баштады* (Абдукаримов). *Чоң-Тору чарадай туяктары менен кара жолду тап-тап басат* (Сыдыкбеков). *Күйгөн таштар туягында быркырап, Кымкаарланат кирпигине тоңуп тер* (Кулумбаев). 2. Малдын башы. *Элүү туяк кой. Малдын туягы түгөл.* 3. *өт.* Бала, эркек бала. *Сатылгандын бир жалгыз Туягы болгон Токтогул* (Барпы). *Аркамда калган туяк жок* (Токтогул). *Калтырбай артта бир туяк, Кайтамбы эртең жерге мен.* 4. *сейр.* Бүркүттүн тырмагы.

**ТУЯК КАТ** *тар.* Малды башка бирөөлөрдүн жерине жаюу, багуу үчүн уруксат берген билет, укук берген документ. *Эми эмне, мал жаюуга туяк кат, эгин эгүүгө да жооп сурап баруулары керекпи? Ансыз деле журтчулук, түтүн чыгым окшогон алыксалыгы жетиштүү эле го* (Даникеев).

**ТУЯК ОТ** *тар.* Малды бирөөнүн жерине багып, жайгандыгы, айдап өткөндүгү үчүн төлөнүүчү акы.

**ТУЯК ПУЛ** **туяк от** менен бирдей.

**ТУЯКСЫЗ** 1. Туягы жок. 2. *өт.* Баласы жок, эркек баласы жок, тукумсуз. *Он эки зайып алганым, Он экиси төрөбөй, Туяксыз болуп калганым* («Эр Төштүк»).

**ТУЯКТУУ** Туягы бар. *Туяктуу жаныбар жүргөнсүйт – «карс» бутак сынгансыйт* (Сыдыкбеков). *Жайдак турган ак туяктуу кара сур, Ушул жердин байларынын жоргосу* (Токомбаев).

**ТУЯРМАН** Бат туйгуч, тез эле сезип, түшүнүп биле коюучу, сезимтал.

**ТУЯРМАНДЫК** Бат туюучулук, тез эле сезип, түшүнүп биле коючулук, сезгичтик.

**ТҮ I: тү-тү** 1. Машинанын сигналын тууроодо колдонулат. *Атасы баласына машинаны сатып берди, Баласы сүйүнүп «бипбип, ту-ту» деди* (Шүкүрбеков). 2. Жийиркенгендигин, иренжигендигин билдирип, түкүрүү иретинде колдонулат. *–Көйнөктөрүңдөн бетер этиңдин кирин карачы, ту!* (Сасыкбаев).

**ТҮ II: тү-тү** Тоокторду чакырууда колдонулат.

**ТҮБӨЛҮК** Дайыма, такай; өмүр бою, биротоло, акыры. *Атагын алыстан ук, эрди көрбө, Түбөлүк жүрөгүңдө турат элес* (Токомбаев). *Түбөлүк жашап каласың, Эмгегиң сиңсе заманга* (Шүкүрбеков). *Каршылашып кармашпай, Түбөлүккө эл болуп, Тууган болуп калалы!* («Семетей»). *Туу куйругу кыл экен, Түбөлүк пенде шул экен!* (Жеңижок). *...Биздин өмүр өзөк болгон бу тирлик, Түбөлүккө бир көз ирмем эмеспи* (Келдибекова).

**ТҮБӨЛҮКТҮҮ** Түбөлүк боло турган, туруктуу, өзгөрүлбөй турган, түбөлүккө жарай турган. *Түбөлүктүү буюм.*

**ТҮБҮНӨ ЖЕТҮҮ** 1. Жок кылуу, ойронун чыгаруу, эч нерсесин калтырбай жоготуу. *Уу ачытып күбүмө, Канчоро жетти түбүмө* («Сейтек»). *Тирүү койбой, түбүнө жетет. Эми Зууракандын түбүнө жетип отурасыз?* (Сыдыкбеков). 2. Кыйын абалга дуушар кылуу, жамандык кылуу, кырсыкка учурашына, кызматтан түшүшүнө, уят болушуна ж.б. себепчи болуу. *Опсуз тентек чырагым, Жеттиң менин түбүмө* («Манас»). *Балам, менин түбүмө жеткен баягы сөзүң болду, – деп атасы түбөлүк көзүн жумду* («Жомоктор»). *«Эркеган» атыккан Гүлбүбүнүн түбүнө жетчү кези эми келди бейм?* (Сыдыкбеков).

**ТҮГӨЙ** 1. Бир нерсенин жубу. *Бир сменада 500 түгөй бут кийим ултарылды* (Сасыкбаев). *Ал дагы Алымдын түгөйү.* 2. Эрди-катындын бири, жуп нерсенин бири. *Туптунук сулуу келиндин, Түгөйү баатыр болгон кез* (Бөкөнбаев).

**ТҮГӨЙЛӨ** Жупта, экиден-экиден коюу. *Эки өгүздөн түгөйлөп, Арабага чегишет* (Осмонкул).

**ТҮГӨЙЛӨӨ** **түгөйлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮГӨЙЛӨТ** **түгөйлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮГӨЙЛӨШ** **түгөйлүү** менен бирдей. *Жаман окшойт жалгыздыкта эзилмей, Тигинде көп түгөйлөштөр бир басат* (Чотурова).

**ТҮГӨЙЛҮҮ** Жубу бар, түгөйү бар. *Дүкөнчү эки түгөйлүү өтүк берди* (Сасыкбаев).

**ТҮГӨЛ** Толук, бүт. *Багып жүргөн кырк тулпар, Түгөл айдап келди дейт* («Эр Төштүк»).

**ТҮГӨЛДӨ** Бир нерсенин толук же толук эместигин билүү үчүн санап чыгуу, көз алдынан өткөрүү, түгөл экендигин аныктоо. *Көз чаптырып жылкыга, Кулун-тайын түгөлдөп* (Үмөталиев).

**ТҮГӨЛДӨН** **түгөлдө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮГӨЛДӨӨ** **түгөлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮГӨЛДӨТ** **түгөлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮГӨЛДӨШ** **түгөлдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮГӨЛДҮК** Түгөл экендик, толук, түгөл абал. *Ар бир старчын өздөрү апкелген мандикерлердин түгөлдүгүнө жооп берет* (Абдукаримов).

**ТҮГӨН** Азайып калбай калуу, жок болуу, бүтүү. *Эт түгөнүп жаз болду, Азык-түлүк аз болду* (Тоголок Молдо). *Эки койдун туягы*

*түгөнүп, туурасы көрүнүп калыптыр* (Убукеев).

**ТҮГӨНБӨС** **түгөнгүс** менен бирдей.

**ТҮГӨНГҮР** Жемелөөнүн жумшагыраак түрү. *Түгөнгүрдүн көзүнө, Түк эчтеме көрүнбөйт* («Эр Төштүк»). *Эрке үйрөнгөн түгөнгүр* (Мидин).

**ТҮГӨНГҮС** Түгөнбөс, абдан көп, мол.

**ТҮГӨНӨР** Түгөнүп жок болуп кала турган, түгөнүп бүтөр, азайып турган. *Түгөнөр түрү жок. Түгөнөр үй түгүн жейт, түгүнөн кийин өзүн жейт* (макал).

**ТҮГӨНҮҮ** **түгөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮГӨТ I** 1. **түгөнгүр** менен бирдей. *Олда түгөт ай, мунун тили ушундай заар* (Сыдыкбеков). 2. Ысырапчыл, үнөмчүл эмес.

**ТҮГӨТ II** 1. Азайып жок болгуча керегине жаратуу, жок кылуу, жумшоо, аягына чыгуу. *Үйдөн келген азыгымды түгөттүм* (Бөкөнбаев). *Талатып малын түгөтүп, Акыры өзүн кор кылды* (Тоголок Молдо). *Түнү менен он күнү, Түгөтө албай эригип* (Казыбек). 2. Кандайдыр бир ишти, аңгемени ж.б. аягына чыгара аяктоо. *Чоң эне окуяларын айтып түгөтө албайт.* 3. *эск.* Жоюу, жоготуу, жок кылуу.

**ТҮГӨТҮҮ** **түгөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮГҮ КОРОБОО** Эч зыян тартпоо, эч кемибөө. *Буга бизден бөлөк элдин түгү коробойт экен* (Элебаев).

**ТҮГҮ СЫРТЫНА АЙЛАНУУ** Аябай ачуусу келүү, каардануу, түнөрүү. *Түгү сыртына айланып, беттеринен ырайымсыз заарын чыгарып, тыштан атам кирип келди* (Жантөшев). **В.: Түгүн сыртына жыйноо.** *Чындыкка келүүнүн ордуна түгүн сыртына жыйнап ачууланып, тактайды муштагылады* (Элебаев).

**ТҮГҮЛ** Бири-бирине каршы коюп белгилеп салыштыра кароо маанисинде же күчөтүп-тактоо, баса көрсөтүү маанисинде колдонулат. *Караан да, ал түгүл аттын дүбүртү да жок* (Байтемиров).

**ТҮГҮН КАРМАТПОО** Эч нерсе бербөө, так катыруу. *Оой, Күрүчбек өз малынын түгүн карматабы?* (Осмоналиев).

**ТҮЗ I** 1. Тегиз, уңкул-чуңкулу жок. *Түз талаа. Түз жер.* 2. Ийри-буйру эмес, кыйшык же иймейинки эмес, шыргыйдай. *Түз жол. Түз көчө. Түз жыгач.* 3. Тегиз жер, мейкиндик. *Түздөн торгой чуркурап* («Сейтек»). *Түбүндө пенде кор болбос, Түз жолунан тайбаса* (Казыбек). *Мелтиреген түз экен, Бет алып качар бел да жок* («Манас»).

**ТҮЗ II** Туптуура, тикеден-тике. *Кулбаш түз эле Ражабдын иштеп жаткан жерине барып түштү* (Абдукаримов).

**ТҮЗ III** Жаратуу, куруу, уюштуруу. *План түзүү.*

**ТҮЗ ЖҮРҮҮ** Ак ниет, калыс, адилет, туура жүрүү, жаман жолго түшпөө. *Ушак айтпай түз жүрүп, Уят болбой оокат кыл* (Токтогул).

**ТҮЗ КЫЛУУ** Жоготуу, ойрон кылуу, кыйратуу, талкалоо. *Кабагы бийик заары күч, катылганды кылат түз* («Эр Төштүк»).

**ТҮЗДӨ** 1. Тегиздөө, уңкул-чуңкул, өөдүксөөдүк жерлерин оңдоп, тегиз абалга келтирүү, түзөө. 2. Белгилүү бир чекитке карай түз багыттоо, багыт алдыруу, түз абалга келтирүү. *Түздөбөй мерген ата албайт, Түйшөлбөй оору жата албайт* (Токтогул). *Шамбет аркандын учун казыкка түздөп тартып жатат* (Сыдыкбеков).

**ТҮЗДӨЛ** **түздө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЗДӨН** **түздө** этишинин өздүк мамилеси. *Туура жолду табат экем, түздөнсөм, Тээ илгертен көңдүм болгон догмага* (Байгазиев).

**ТҮЗДӨӨ** **түздө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЗДҮК** Түз жер, түз мейкиндик.

**ТҮЗӨ** 1. Тегиздөө, уңкул-чуңкул жерлерин түздөө. *Беш-алты киши конуш түзөп жатат* (Жантөшев). 2. *өт.* Тартипке салуу, оңдоо, түзүгүрөөк кебетеге келтирүү. *Тескери жолго басчуну, Тезге салып түзөдүк* (Тоголок Молдо). *Артка кылчактабай, алдыдагыларга карап түздөл, ошондо өсүш болот* (учкул сөз).

**ТҮЗӨЛ** **түзө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЗӨН** **түзө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮЗӨҢ** Тегиз жер, кичирээк түздүк. *Отуздан ашуун ат төмөнкү коктунун ичиндеги түзөңдө* (Жантөшев).

**ТҮЗӨҢЧӨ** Кичирээк түзөң же түзөң тарткан жер.

**ТҮЗӨӨ** **түзө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЗӨТ** 1. **түзө** этишининн аркылуу мамилеси. 2. Оңдоолор, тактоолор киййрүү, кетирилген каталарды белгилеп, кандай окуу керек экендигин көрсөтүп оңдоолор берүү.

**ТҮЗӨТМӨ** 1. Оңдоо, түзөтүү. 2. **корректура** менен бирдей.

**ТҮЗӨТҮҮ** **түзөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЗӨШ** **түзө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЗҮ ИЙГИ** Сүйкүмдүү, кишиге жагымдуу. – *Түзү ийгиден түңүлбө деген. Жүзүң ачык, дилиң ак жигит экенсиң чырагым* (Касымбеков). *Бирок, ак жоолуктун да түзү ийгиси болсо, – деди Маты* (Жантөшев).

**ТҮЗҮК** Жакшы, дурус, жаман эмес, жакшы дээрлик. *Сыртынан байкап сынасаң, сыпаты түзүк азамат* (Тоголок Молдо).

**ТҮЗҮКТӨ** Жакшы, түзүк абалга келтирүү, начар болуп чыкпагандай кылуу.

**ТҮЗҮКТӨЛ** **түзүктө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЗҮКТӨӨ** **түзүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЗҮКТӨТ түзүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЗҮЛ түз** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЗҮЛҮШ** 1. Түзүлүү системасы, биригиш ыгы, жолу. *Ыр түзүлүшү.* 2. Коомдун, мамлекеттин ж.б. башкаруу системасы, жолжобосу, тартиби. *Коомдук түзүлүш. Партиялык түзүлүш.*

**ТҮЗҮҮ түз** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЗҮҮЧҮ** Куруучу, жаратуучу, иштеп чыгуучу. *Эл – тарыхтын чыныгы түзүүчүсү.*

**ТҮЗҮҮЧҮЛҮК** Түзүү, куруу, жаңыны жаратуу иштерине багытталган. *Түзүүчүүк эмгек.*

**ТҮЗҮШ түз** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЙ** 1. Жип-шуунун учун тоголок кылып байлоо, бекитүү, түйүн болгудай кылып байлоо. *Чарык жиптин бир учун түйүп, бир учун саптап алып көйнөгүн жамай баштады* (Мидин). 2. Түйүнчөк кылып ороп, байлоо. *Үч-төрт сомун жоолукка түйдү* (Сыдыкбеков). 3. Жиптен ар кандай кийимкечелерди ж.б. токуу, согуу. *Алима жүндөн жоолук түйдү* (Убукеев). *Жыпара бош убагында балдарына байпак түйөт.* 4. Эсте сактоо, көңүлгө алуу, унутпоо. *Эсиңе түй. Көңүлгө түй.*

**ТҮЙГҮЗ түйдүр** менен бирдей.

**ТҮЙДӨК** 1. Ийрүүгө ылайыктап созуп, тоголоктоп койгон жүн. *Камка колундагы түйдөгүн эшип, токтолуп калды* (Сыдыкбеков). 2. Буудак-буудак, топ-топ болуп уюлгуган, түрмөктөлгөн абал. *Дагы да күн түн мөөрөп гудок, Көк түтүн асманга атты түйдөк-түйдөк* (Үмөталиев). *Түйдөк-түйдөк чаң чыгат* («Ала-Тоо»). *Түйдөк-түйдөк булуттар.*

**ТҮЙДӨК ЧАЧ** 1. Саксайган, уйпаланган, үрпөйгөн, саксайган, үксөйгөн чач. 2. *өт.* Аял, зайып, катын (какшык, кемсинтүү, шакабалуу мааниде)..

**ТҮЙДӨКТӨ** Сабалган жүндү ийрүүгө ылайыктап созуп, тоголоктоп түрүү, түйдөк түрүнө келтирүү. *Бермет жүктүн бурчунан жүн алып, түйдөктөй баштады* (Байтемиров).

**ТҮЙДӨКТӨЛ түйдөктө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЙДӨКТӨН түйдөктө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮЙДӨКТӨӨ түйдөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙДӨКТӨШ түйдөктө** этишинин кош мамилеси

**ТҮЙДҮР түй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЙМӨ** 1. Чүпүрөктөн тоголоктолуп жасалган топчу. *Кызылдан кийген күрмөнү, Кыркалай таккан түймөнү* («Семетей»). 2. Токулуп, согулуп, түйүлүп жаткан нерсе. 3. *диал.* **топчу** менен бирдей. 4. *диал.* **төөнөгүч** менен бирдей.

**ТҮЙМӨ БАШ** Кичинекей, көркөмдүү келген баш, келбеттүү келген баш. *Алма моюн, түймө баш, Азаматка ылайык* («Семетей»). *Жазык маңдай түймө баш* («Манас» С.О.).

**ТҮЙМӨЧ** 1. Этти майдалап туурап, тузду, өткөрө татытып, жазга камдап кууруп алуу. 2. Куурулган майда этти ун, талкан аралаштыра чала кууруп, карынга ж.б. идиштерге салып алуу.

**ТҮЙМӨЧӨ** Кичинекей топчу, кичине түймө.

**ТҮЙМӨЧТӨ** *диал.* Түймөч даярдоо.

**ТҮЙНӨК** Малдын ичеги оорусу. *Түйнөк болгон кой. Түйнөктөн өлгөн улак.*

**ТҮЙӨ** Бирөөлөргө бирдемени жүктөө, ишти артуу, милдеттендирүү, тапшыруу.

**ТҮЙӨЛ түйө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЙРӨНДӨ түйрүңдө** менен бирдей.

**ТҮЙРҮ түйүр** менен бирдей.

**ТҮЙРҮЙ** Түйрүгүрөөк, түйрүк абалда болуу (мис. эрин). *Түйрүйгөн эрин.*

**ТҮЙРҮЙҮҮ түйрүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙРҮЙҮШ түйрүй** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЙРҮК** Эрди калың жана сыртын карай имерилген, түйрүйгөн. *Түйрүк эрин.*

**ТҮЙРҮЛ түйүр** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЙРҮНДӨ** Эрди-башын чүйрүндөтүп, жактырбаган мүнөз көрсөтүү, бултундоо.

**ТҮЙРҮНДӨӨ түйрүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙТӨЙ** Арыктап, кичирейип жүдөө, чүрүшкөн жүдөңкү көрүнүштө болуу. *Эзилген элдин кыздары жаштайынан карыгансып, маңдайын кат-кат басып, түйтөйүп жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

**ТҮЙТӨЙГӨН** Жүдөгөн, чүрүшүп, арыктап жүдөңкү көрүнүштө болгон. *Баягы жаркылдаган жакшынакай кыз жок, түйтөйгөн түйшүктүү кемпир болуптур.*

**ТҮЙТӨЙТ түйтөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЙТӨНДӨ** Кыртышы сүйбөгөн, жактырбаган мүнөз көрсөтүү (түйтөйгөн кебетедеги адамга карата).

**ТҮЙТӨНДӨӨ түйтөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙТӨНДӨТ түйтөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЙТӨНДӨШ түйтөңдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЙҮЛ I** *диал.* **түгүл** менен бирдей.

**ТҮЙҮЛ II** 1. **түй** этишинин туюк мамилеси. 2. Булчун, тарамыш эттери ж.б. жыйрылуу, оролуп бүрүшүп калуу. *Татыбектин булчуңдары таштай түйүлөт* (Байтемиров). 3. Өтө ылдам, тең жүрүү, катуу чуркоо, зымырылуу, ыргыштоо. *Түйүлүп жөнөйт тоолордон, Теминдирип жүдөтпөй* (Маликов). 4. Катылуу, бекилүү, сакталуу.

*Анын түбүндө түйүлүп жаткан сырлардын ачкычы табылды* (Убукеев). 5. Булчуң, тарамыш ж.б. жыйрылуу. *Каныбектин каны ичине тартып, жаак эттери түйүлө баштады* (Жантөшев). 6. Өтө ылдам, тез жүрүү, ыргыштоо. *Тарс дегенде кара боз, Түйүлүп ыргып чуркады* («Эр Табылды»).

**ТҮЙҮЛДҮК** 1. Жатындын же жумуртканын ичинде жаңыдан пайда болгон организм. *Түйүлдүк пайда болуу. Жумуртканын түйүлдүгү.* 2. *өт.* Жаңыдан башталуу убагы, пайда болуу учуру.

**ТҮЙҮЛМӨ** Тарамыш тартылып, карышуу, түйүлө калуу, тарамышы тырышуу.

**ТҮЙҮЛТ** **түйүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЙҮЛҮҮ** **түйүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙҮМ** **дүйүм** менен бирдей.

**ТҮЙҮН I** 1. Жиптин, жоолуктун ж.б. байланган, түйүлгөн жери. *Ал аркандын түйүнүн чечти* (Мидин). 2. Жолдордун, байланыш каражаттарынын ж.б. кесилишкен, топтолушкан жери. *Темир жол түйүнү. Суу жолдорунун түйүнү.* 3. *өт.* Кандайдыр бир иштин, шарттын, сырдын ж.б. топтошкон жери негизи, маңызы, сыр. *Жүрөктө табышмактуу сыр түйүнү көбөйө берди* (Абдыраманов). *Иштин түйүнү. Сөздүн түйүнү.*

**ТҮЙҮН II** **түй** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮЙҮНДӨ** Бекемдөө, бышыктоо, бекитүү, түйүн кылуу, чаташуу, чаташтыруу, татаалдаштыруу.

**ТҮЙҮНДӨЛ** **түйүндө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮЙҮНДӨШ** **түйүндө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЙҮНДҮ** *эск. туурасы:* **түйүлдүк.**

**ТҮЙҮНДҮҮ** Түйүнү бар, түйүнү көп. *Комуздун үстүнкү кылы түйүндүү болгондуктан, үнү анчалык жакшы чыкпады* (Жантөшев). 2. *өт.* Жашырын сырдуу, чечилүүнү талап кылган. *Каныбек түйүндүү бир сыр айтып жылмайды* (Жантөшев).

**ТҮЙҮНЧӨК** Ичине бир нерсе оролуп байланган түйүн, түйүлүп, сыртынан оролуп байланып коюлган кичирээк таңгак, кичинекей таңылчак. *Салтанат кичирээк түйүнчөктөгү унун табакка салды* (Жантөшев).

**ТҮЙҮР** Сыртын карай имерүү, жыйруу, жээгин сыртын карай аңтара кайруу.

**ТҮЙҮШ** **түй** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЙШӨЛ** 1. Тынч алып отура албоо, жата албоо, ооналактоо, жай алалбай кыймылдоо. *Түйшөлүп жата албадым таң атканча, Кыялым ала качып ойго чумуп* (Абдыраманов). *Кез-кез түйшөлүп койсо, тону куудурап, өзү тымтырс* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Санаа тартуу, машакат чегүү, убаракерленүү.

**ТҮЙШҮК** 1. Убара, убаракерчилик, азап, мээнет. *Беш чиедей баланы асыроо түйшүгү Мусабекке жеңил эмес эле* (Сасыкбаев). *Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк* (макал). *Жумурай журтка түшкөн түйшүктөн кандай пенде буйтап качат* (Касымбеков).

**ТҮЙШҮКСҮЗ** Түйшүгү жок, түйшүгү болбогон, санаасыз, машакатсыз. *Түйшүксүз адам болбойт.*

**ТҮЙШҮКТӨН** Убараланууу, түйшүк тартуу.

**ТҮЙШҮКТӨНТ** **түйшүктөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЙШҮКТӨНҮҮ** **түйшүктөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЙШҮКТҮҮ** Убарасы, кыйынчылыгы көп, мээнети көп, азаптуу. *Эртең аны түйшүктүү иш күтүп тургансыйт* (Шимеев).

**ТҮЙШҮКЧҮЛ** Түйшүктү көп тарткан, убаракерчиликти, мээнетти, азапты көп тарткан. *Оокатка илең-салаң көңүл бөлүп, Түзүндө түйшүкчүлдөр жабыр көрүп* (Турусбеков).

**ТҮЙШҮН** Алымсынуу, ыраазы болуу, ыракаттануу, жыргоо, мемирөө, көшүү.

**ТҮК I** 1. Адамдын, жан-жаныбарлардын денесиндеги майда жүн, кыска кыл. *Ат оонаган жерде түк калат* (макал). *Бала болуп башыма түк чыкканы мындай шумдукту көргөн жан эмесмин* («Эр Табылды»). 2. Кээ бир кездемелердин, материалдардын сыртына чыгып турган кыска түктүү бөлүгү. *Түкабанын түгү. Түгү жок кездеме.* 3. *өт.* Мал. *Атанын жаман көргөн уулу түк күтөт* (макал). *Түк күтпөгөн кедей.*

**ТҮК II** Такыр, эч. *Бул менин түк оюмда жок эле* (Сасыкбаев). *Түгөнгүрдүн көзүнө, Түк эчтеке көрүнбөйт* («Эр Төштүк») *Ушунчалык көшөрүп алган экен, түк сөз укпайт* (Байтемиров).

**ТҮК III:** **түк-түк этүү** Түрс-түрс, дүк-дүк эткендей туюк дабыш чыгуу.

**ТҮК БҮТКӨН САЙЫН КАЛТЫРОО** Байыган сайын дүнүйөгө, байлыкка кароо болуу, сараң, зыкым болуп кетүү. *Түк бүткөн сайын калтырап, ач көз байлардын сараңдыгы арта баштады* («Ала-Тоо»).

**ТҮККАП** Байкоостон, кокустан, эч кабарсыз, күтүлбөгөн жерден эле. *Түн боюнча барганы, Түккап басып калганы* («Манас» С.О.).

**ТҮККӨ ТУРБОО** Эч нерсеге татыбоо, көзгө көрүнбөө, арзыбоо. *Акча десе алкы ачылган зулумдар үчүн адамдардын азап тартып бараткан түккө турбады* («Чалкан»).

**ТҮКСӨЙ** **түксүй** менен бирдей.

**ТҮКСҮЙ** 1. Беттен түк чыгып же үрпөйүңкү көрүнүштө болуп көрүнүү, чачы иретсиз үрпөйгөн кебетеде болуу. *Каалгадан түксүйгөн бетин чыгарып, Сабхаттын баласы көрүндү* (Сасыкбаев). *Түксүйгөн чач. Түксүйгөн мурут.* 2. *өт.* Ачуусу келүү, каар-

данган кебетеде болуу, кабагын бүркөө. *Сабырга Омор туксүйө карады* (Сыдыкбеков). *Каарданып туксүйүп, Көкдөөнүн жини кармады* («Эр Төштүк»).

**ТҮКСҮЙТ түксүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮКСҮЙҮҮ түксүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮКТӨ** Тышкы кабыгынан ажыратуу (мис. арпаны). *Туктөп жиберип арпаны, Кебегин атала чалып бергендир* («Манас»).

**ТҮКТӨЙ түксүй** менен бирдей.

**ТҮКТӨЙТ түксүйт** менен бирдей.

**ТҮКТӨӨ түктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮКТӨТ түксүйт** менен бирдей.

**ТҮКТҮЙ түктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮКТҮЙТ түксүйт** менен бирдей.

**ТҮКТҮҮ** Түгү бар, түгү калың.

**ТҮКҮЛДӨ** Түрсүлдөө, түк-түк эткен, түрсүлдөгөн дабыш чыгуу. *Кээде кошсок билектей урган сокунун табышындай тукулдөйт* (Жантөшев).

**ТҮКҮЛДӨӨ түкүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮКҮЛДӨТ түкүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮКҮЛДӨШ түкүлдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮКҮН: балан-түкүн.**

**ТҮКҮР** 1. Шилекейди же ооздогу башка шилекей аралашкан нерселерди оозунан чыгарып таштоо. *Көп түкүрсө көл болот* (макал). *Өөдө карай түкүрсөң, кайтып түшөр көзүңө* (макал). 2. Бүбү, бакшы, дарымчылар оозундагы сууну бүркүү жолу менен ооруну дарылоо.

**ТҮКҮРГҮЧ** Какырык менен түкүрүк таштоочу идиш.

**ТҮКҮРТ түкүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮКҮРҮК** Түкүрүп ташталган шилекей. *Өтүкчүнүн үйү апырык менен сапырык, насыбайчынын үйү какырык менен түкүрүк* (макал).

**ТҮКҮРҮН түкүр** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮКҮРҮҮ түкүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮКҮРҮШ түкүр** этишинин кош мамилеси.

**ТҮКҮРЧҮ** Оорулууну же жылан, кара курт ж.б. чаккан адамдарды суу бүркүп дарымдоочу дарымчы.

**ТҮКШҮМӨЛ** Болжол, жоромол. *Түкшүмөл сөз.*

**ТҮКШҮМӨЛДӨ** Болжоп, жоромолдоп ой жоруу. *Түкшүмөлдөп билүү. Түкшүмөлдөп айтуу.*

**ТҮКШҮМӨЛДӨН түкшүмөлдө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮКШҮМӨЛДӨӨ түкшүмөлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮКШҮМӨЛДӨТ түкшүмөлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮКШҮМӨЛДӨШ түкшүмөлдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮЛКҮ** 1. Иттер тукумуна кирүүчү сүт эмүүчү жырткыч айбан. *Далбага бүркүт айланса, Калтар түлкү булактап, Канжыгага байланса* (Үсөнбаев). 2. *өт.* Куу, кытмыр, митаам. *О, курбум, ишенбегин алдап кетет, Ал күлгөн булаңдаган карган түлкү* (Токомбаев).

**ТҮЛКҮ КУУМАЙ** Балдар оюнунун аты.

**ТҮЛКҮ МУРУТ** Чөптүн бир түрү.

**ТҮЛКҮ ТИШТЕМЕЙ** Түрдүүчө амал менен алдагандык, жазгырык. *Эми мага түшүнүктүү. Баятан бери түлкү тиштемей ойногонуңуз үчүн ыракмат! – деп ордуман турдум* (Жантөшев). – *Жазалайбыз. – Түлкү тиштемейге салуу керек* (Токтоналиев). **В.: Түлкү куумай.** *Сен түлкү куумайыңды кой, экөөбүз ачык сүйлөшөлү, – дедим* («Ала-Too»).

**ТҮЛКҮЛҮК** Түлкүнүн адаты, түлкүнүн көндүмү, куулук, митаамдык, айлакердик, кытмырлык.

**ТҮЛКҮСҮ ТҮШТӨ УЛУУ** Куулугу ашынуу, көрүнөө алдамчылык кылуу. *Анда алдуулардын түлкүсү түштө улуп турган кези эле* («Ала-Too»).

**ТҮЛКҮЧӨК** Бачик, түлкүнүн күчүгү. *Түлкүдөн ичик кылдырып, Түлкүчөгүн ыйлатты* (Тоголок Молдо).

**ТҮЛКҮЧҮ** *аңч.* Түлкүнү көп алган аңчы. *Капкан алган түлкүчү, Калаңдаткан бүркүтчү* (Токтогул).

**ТҮЛӨ** 1. Жан-жаныбарлардын, канаттуулардын эски жүндөрү түшүү. *Тай-кулундар даң салып, Даакылары түлөсүн* (Осмонкул). *Кайра түлөп тармалдап, Селкилдеди чуудасы* (Токомбаев). 2. Теринин үстүнкү кабаты, кабыгы сыйрылып түшүү. *Түлөгөн бет. Жыландын түлөгөн кабыгы.*

**ТҮЛӨГӨН ТАЙЛАКТАЙ** Кейпи кетип, суру качкан, самсаалап, салбырап албардан тайган. *Түлөгөн тайлактай самсаалап, сакал-мурутуң саксайып, ачкалыктан араң эле ыргала басып жүргөндө адамдын эсидарты оокат-тиричиликте гана болот эмеспи!* (Абдукаримов). *Түлөгөн тайлактай болгон кысталак, – деп күлгөндөрүн дагы укту* (Жусубалиев).

**ТҮЛӨК** Кыраан куштардын түлөгөн, бир жылдан ашкан кези, канча жолу түлөгөндүгүн көрсөтүүчү жаш өлчөмү. *Туйгундун көрку түлөктө, Баатырдын көрку жүрөктө* (Токтогул).

**ТҮЛӨНДҮ** Түлөгөндөн түшкөн жүн, түлөп түшкөн жүн.

**ТҮЛӨӨ I** Жакшы ниет, тилек менен, же кырсыктан, оору-сыркоодон, оор абалдан

ж.б. кутулгандык, арылгандык үчүн мал чалып, бата кылгандык. *Ак түлөөгө жаратkан* («Манас» С.О.). *Ак сарбашыл кой айтып, Түлөөнү да чалалы* (Жантөшев).

**ТҮЛӨӨ II түлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮЛӨТ түлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮЛҮК** Түр, түркүм. *Беш түлүктөн мал жыйдым, Беш чака пулча адам жок* (фольк.). *Так он беш күндөн калганың, Башыңа түшөөр көп түлүк* («Сейтек»). *Азык-түлүк дүкөнү.*

**ТҮМӨН** 1. Он миң. 2. Сансыз, өтө көп, эң көп. *Түрдүү түмөн эл – деди* («Манас» С.О.). *Бирдики – миңге, миңдики – түмөнгө* (макал). *Түрдүү түмөн чөптөр сеңселди* (Жантөшев). *Түлкү десе түлкү эмес, Түмөнүн көрүп алыптыр* («Эл адабияты»).

**ТҮМӨНДӨ** Сансыз болуу, эң эле көп санда болуу.

**ТҮМӨНДӨӨ түмөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮМӨНДӨТ түмөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮМӨНДҮҮ** Миң сандаган, сансыз, эсеп жеткис. *Түмөндүү чалгын жоо келсе, Төгөрөккө күч келээр* («Сейтек»).

**ТҮМПҮЙ** 1. Төмпөйүп туруу, төмпөйгөн көрүнүштө болуу. 2. Таң ата баштоо, таң атууга жакын калуу. *Таң түмпүйүп калганда, Оргуп-оргуп чаң чыгат* («Манас»).

**ТҮН** Сутканын иңир киргенден таң атканга чейинки мезгили. *Иңир басып, түн кирет* (Токомбаев). *Түн. Ай сүттөй жарык* (Баялинов). *Түн ортосу эчак ооган (*Баялинов). *Унутуп тааныш обонду, Түн ичи сутак сайраган* (Закирова). *Мен да издейм балалыгым суу астынан, Түндө ыйлаган мынабу жалгыз куштай* (Байгазиев).

**ТҮН БАЛАСЫНДА** Түнү бою, күн баткандан күн чыкканга чейин. *Түн баласында уйку көрбөйт.*

**ТҮН ЖАМЫНУУ** 1. Түн кирүү, караңгылоо. Түн ичинде, түнкүсүн жол тартуу, түнү менен, караңгыда жүрүп отуруу. *Түн жамынып, ушул татаал жолдо беш атчан келе жатты* («Ала-Too»). *Түн жамынып, жылкы алганы келген ууру эмес элем* (Сыдыкбеков). **В.: Түн катуу.** *Нузуп түн катып Таласты көздөй жол тартты* (Касымбеков). *Түн катып жол жүргөн адамча уйку-сураган ким болуп кетти?* («Чалкан»).

**ТҮНДӨСҮ** Түнкүсүн, түн ичинде. *Түндөсү Чоко жол тосот* (Жантөшев).

**ТҮНДӨТӨН** Түндөн бери, түн киргенден бери.

**ТҮНДҮГҮ БӨЛӨК** Үй-жайы башка, өзөзүнчө, өз алдыларынча. *Түндүгү бөлөктүн түйшүгү бөлөк* (макал).

**ТҮНДҮГҮН ТҮШҮРҮҮ** Кыйратуу, талкалоо, таш-талканын чыгаруу.

**ТҮНДҮГҮНӨН КУЮЛУП ТУРУУ** Мол болуп, көп болуп туруу, ашып-ташып, кененчиликте болуу, толуп туруу.

**ТҮНДҮК I** 1. Боз үйдүн төбөсүндөгү ууктун учтары киргизилип тиреп турууучу тегерек жыгач. *Түндүгүнө уук саюу. Түндүк жасаган уста.* 2. Боз үйдүн ушул бөлүгүнө жабылуучу кийиз жабуу. *Чырак эшикке чыгып, боз үйдүн түндүгүн тартып келди* («Жомоктор»). *Тартылуу түндүк ак үйгө, Талыкшып уктап жатуучу* (Казыбек).

**ТҮНДҮК II** Жер шарынын төрт тарабынын бир жагы, түштүк тараптын карамакаршы жагы. *Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш жагында, Асман тиреп, Ала-Тоолор заңкайган* (Калык). *Түндүк-чыгыш. Түндүк-батыш.*

**ТҮНДҮК III** Жипке тизилген шурунун узундук чени, өлчөмү. *Бир түндүк шуру. Эки түндүк шуру. Үч түндүк шуру.*

**ТҮНДҮК IV** Бир түн убактысына туура келген. *Бир түндүк жол. Эки түндүк иш.*

**ТҮНДҮК V** Бир нерсенин (мис. дөңгөлөктүн, электин, калбырдын ж.б.) тегерек бөлүгү, алкак.

**ТҮНДҮК VI** *диал.* Кечки тамак, жатаарда ичиле турган тамак, конок аш. *Түндүгүңө бээ союп, түштүгүңө тай союп* («Манас»).

**ТҮНДҮК БОЮ ТҮЙҮЛҮҮ** Эпке көнбөө, айтканга макул болбой азармандан-безерман болуу, жуутпоо, уккусу да келбөө. *Ашым түндүк бою түйүлүп такыр болбой койду* («Ала-Too»).

**ТҮНДҮК КӨТӨРҮҮ** *өт.* Боз үй тургузуу, үй көтөрүү. *Уулуна арнап түндүк көтөрдү.*

**ТҮНДҮКТӨН ТҮШКӨН УУРУ** Амал-айлалуу, өтө кыйын, чоң ууру. *Ал кезде далай түндүктөн түшкөн уурулар колго түшкөн дешет* («Кыргызстан маданияты»).

**ТҮНДҮКЧҮ** Түндүк жасоочу уста. *Шарип жакшы түндүкчү.*

**ТҮНКҮ** Түн мезгилиндеги, түн ичиндеги, түн ичинде иштөөчү. *Түнкү саат он. Түнкү нөөмөт.*

**ТҮНКҮСҮН** Түн ичинде, түн убагында. *Курсагы тоюп, түнкүсүн жамбашынан сыз өтпөсө, кой жарыктык кыштын суугуна да моюн бербейт* (Убукеев). *Түнкүсүн өтө сак болгун, Уйку душман эмеспи* (Жантөшев). *Түнкүсүн көлдү айланат бир жалгыз куш, Кыйкуулап караңгыда үнүн баспай* (Байгазиев).

**ТҮНӨ** Конуу, түнкүсүн жатып калуу, түндү өткөрүү. *Өңчөй карып элдерге, Түнөп кетип барамын* (Токтогул). *Атым жүрбөй бир сайда, Талаага түнөп калганмын* (Калык).

**ТҮНӨК** Канаттуулардын, малдын ж.б. түн ичинде конуучу жери, түнөп чыгуучу, түнкүсүн жатуучу жайы. *Тооктордү иңирде түнөгүнөн кармамак болушту* (Каимов). *Мамбеткул койду түнөккө имерип койду* (Абдумомунов).

**ТҮНӨЛГӨ түнөк** менен бирдей.

**ТҮНӨӨ түнө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮНӨР** 1. Караңгы тартуу, ачык болбой карара баштоо, бүркөлүү, күүгүмдөнүү. *Асман түнөрүп, уйгу-туйгу жаап келген* (Жантөшев). *Айыл жакты караба, Тоо жак түнөрөт эле түнөрөт* (Шүкүрбеков). 2. *өт.* Кабагын бүркөгөн, каарданган кейипте болуу. *Үй ээси түнөргөндөн кийин, эч ким сүйлөбөй, үй ичинин үрөйү кетти* (Каимов). *Элемандын Төштүгү, Караргандан түнөрдү* («Эр Табылды»).

**ТҮНӨРТ түнөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮНӨРҮҢКҮ** Болор-болбос түнөргөн, күңүрт тарткан, карарган, караңгы тарткан. *Кең асман түнөрүңкү каш карарып, Айлана бара жатты мунарыктап* (Абдыраманов).

**ТҮНӨРҮҮ түнөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮНӨРҮШ түнөр** этишинин кош мамилеси.

**ТҮНӨТ түнө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮНӨШ түнө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮНТ** 1. Калың, чытырман, жыш (мис. токой). *Карагайдын түнт жерлерин аралап, Бугу турат, боюн күүлөп даңкайып* (Осмонкул). *Тетиги коктунун тескей тарабы калың арча, арасы адам өткүс түнт* (Жантөшев). 2. Сөзгө саран, көп сүйлөбөгөн, ичим тап (адам жөнүндө). *Жылдызкан барган сайын түнт болуп, кабагы ачылбайт* (Байтемиров).

**ТҮҢҮЛ** Үмүт үзүү, күдөр үзүү. *Түңүлбөсөң, энеке, Түбүндө жарайм керекке* (Токтогул). *Толуп турган Айдай эле сүрүлдүм, Күнүм бүттү, мен жашоодон түңүлдүм* (Баласагын).

**ТҮҢҮЛДҮР түңүлт** менен бирдей.

**ТҮҢҮЛТ түңүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮҢҮЛҮҮ түңүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮҢҮЛҮШ түңүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮП I** 1. Кандайдыр бир терендик абалындагы нерсенин төмөн жагы, асты жагы, төмөнкү бөлүгү. *Деңиздерин чайпалтып, Суу түбүнөн чабабыз* (Токомбаев). 2. Бир нерселердин жерге тийип туруучу астыңкы бөлүгү, асты жагы. *Ал көрсө, мор ордуна коюлган түбү түшкөн карапа тура* (Сыдыкбеков). 3. Тамак жегенде калган же атайын калтырылган тамактын калдыгы, кешик. *Табактын түбү. Түп калтыруу. Түп калтырбоо, Түбүн ичүү.* 4. Өсүмдүктүн жерге батып турган тамыры, бөлүгү. *Агызамын түптөрүнө, Тоонун тунук сууларынан* (Маликов). *Түптүү терек карагай, Түбү менен жулунган* (Тоголок Молдо). 5. Өсүмдүктүн, жыгачтардын, бадалдын өсүп турган айрым даанасы, өзүнчө бир тобу. *Короонун ортосунда эки түп абрикос, бир түп шабдалы, үч түп жүзүм бар* (Жантөшев). 6. Бактын, үйдүн ж.б. жакын айланасы, жаны, тегереги. *Карагайдын түбүн таап отура турсак кантет?* (Жантөшев). *Бекен булактын түбүнө келип отуруп, ойго чумуп кетти* (Каимов). 7. Акыры, эң аягы. *Тартпай койбойт түбүндө Телтору аттын чалымын* (Жантөшев). *Сабырдын түбү сары алтын* (макал). 8. Тек, ата-баба, түпкү теги, тукуму. *Түп атаңыз Түгөл алп, Ушу турган Күлчоро Ойлосоң, уулум, атаңыз* («Сейтек»).

**ТҮП II** Сын атоочтун түптүз сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТҮП III** Дүп этип, кыска ачыгыраак, бөлүнүп-бөлүнүп чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ТҮП КӨТӨРӨ** Жапырт, баары, түгөл, жалпы. *Түмөндөп жаткан көп жылкы, Түп көтөрө дүңгүрөп* («Семетей»). *Эл түп көтөрө дүргүп калды* («Ала-Тоо»).

**ТҮП ТАМЫРЫНАН БЕРИ** Бүтүндөй, бардык жагынан. *Жалпы элдин кулк мүнөзү түп тамырынан бери өзгөрүлдү* («Кыргызстан маданияты»).

**ТҮПКҮ** 1. Кандайдыр бир нерсенин түп жагындагы, эң асты жагындагы. 2. Алгачкы, чыккан теги боюнча. *Түпкү атабыз кыргыздан, Запкыны көрдүк турмуштан* (Токтогул). 3. Акыркы, акырында боло турган.

**ТҮПКҮЛҮК** 1. Түпкү негизи. *Көрсө Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен* (Айтматов). 2. Акыры, акыр аягы. *Ырдай берет кедейлер, Түпкүлүк менин ишим оң* (Барпы).

**ТҮПКҮЛҮКТҮҮ** Туруктуу, түбөлүктүү. *Бул Алмамбет болот го, Түпкүлүктүү жолдошум* («Манас»).

**ТҮПКҮР** 1. Абдан терендеп, арылап кеткен терендиктин эң түпкү, түп жагы. *Карабек үңкүрдүн түпкүрү жактагы таштын үстүндө бүрүшүп отурган Жамалды көрдү* (Жантөшев). *Алты баладан бир бригада түзүлүп, шахтанын түпкүрүндө иштеп жатышат* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Терендик, тунгуюк. *Дал ошо түпкүрдөгү сүйүүмдү жибитип, бакчылыкка бергем ачып* (Абдыраманов). *Кошулат бир мунарык мунарыкка, Түпкүрдөн түпкүрлөрдү карап келем* (Сариева).

**ТҮПКҮЧ** Казандын түбүнө коюуга ылайыкталып жасалган тегерек алкак. *Кемегенин жанында түпкүчтө казаны турат* («Ала-Тоо»).

**ТҮПӨЙ** Үрпөйүп чыгып туруу, бир тутам болуп сексейип чыгып туруу, эрбейип чыгып туруу.

**ТҮПӨК** 1. Жылкынын куйругунун түбүнө жакыныраак айланта кертмек кылып кыркылган кылы. 2. Найзанын уч жагына тагылуучу топ кыл. *Найзанын түпөгүн үзүп саламбы?* («Семетей»). *Сүңгүлөр жатыр*

*сулайып, Түпөгү менен булайып* («Манас» С.О.). *Түпөгү жок айза алып* («Семетей» С.К.). *Добулбасты кактырып, Найзага түпөк тактырып* («Эл адабияты»). *Кашкардан кара туу келди, Түпөк байлап байракка* («Эл адабияты»).

**ТҮПӨКТҮҮ** Түпөгү бар, түпөк тагылган. *Түпөктүү найза булгалап, Тик качырып жөнөдү* («Курманбек»).

**ТҮПСҮЗ** 1. Түбү жок, абдан терең. *Түпсүз деңиздей, түпкү асман көгөрөт* (Жантөшев). *Тереңи түпсүз көлдөргө, Темир тон кийип түшө алдык* (Нуркамал). 2. Тексиз, теги начар.

**ТҮПСҮЗ КУЛ** *тар.* Уруусун (түпкү тегин) билбеген, өмүр бою кулданып жүрүп күн көргөн малай, жакыр адам.

**ТҮПТӨ** 1. Түбү түшүп калган идиштердин ж.б. нерселердин түбүн бүтөө, түп салуу. *Түптөгөн чака.* 2. Кээ бир өсүмдүктөрдүн топурагын жумшартып, түбүнө үйүү. *Топурак жумшак кезинде, Туура го түптөп салганым* (Маликов). 3. Түп жасоо, түбүн бириктирүү. *Мен болсом сынык нан үчүн китеп түптөймүн* (Токомбаев). 4. Түбүн куруу, жер пайын куруу. 5. *өт.* Негиздөө, негиз салуу.

**ТҮПТӨГҮЧ** Түбүн жасоочу, түбүн бекитип түп салуучу. *Чака түптөгүч.*

**ТҮПТӨЛ түптө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮПТӨН түптө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮПТӨӨ түптө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮПТӨТ түптө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮПТҮҮ** 1. Түбү бар, түбү чоң, түбү бекем, бекем орунтук алган. *Түптүү чымды аңтара салыш үчүн, Мөкүш күч менен кетменди шилтеп-шилтеп калды* (Таштемиров). 2. Тектүү, теги мыкты.

**ТҮР I** 1. Кебете-кейип, өң-түс, көрүнгөн кебете, көрүнүш. *Түрүнөн шек таба албады* (Байтемиров). *Эненин түрү ушунчалык өзгөрүп, купкуу* (Байтемиров). *Түрү түркүм кызгалдак, Жашыл майдан туш тарап* (Нуркамал). *Көзүн салып жан жакка, Жердин түрүн көрүштү* («Эр Табылды»). 2. Оюу-чийүү, оюм. *Килемдин көркү ачылат, Коздоп сайган түр менен* (Осмонкул).

**ТҮР II** 1. Бир нерсени түрмөктөп ороо, бир нече ирет кайрып ороо, жыюу, жыйыштыруу. *Түргөн чийдей кылып бирине бирин тегиз койгон жууркандар бир топ* (Сыдыкбеков). 2. Четин кайруу, этегин кайруу. *Ал жеңил кийимчен, тумактарын түрө кийишкен* (Каимов). *Токтогул жеңин түрүп коюп, өзүнүн жаңы чыгарган күүсүн черте баштады* (Бөкөнбаев).

**ТҮР КИЙИЗ** *диал.* Шырдак, ала кийиз.

**ТҮРГӨК түрмөк** менен бирдей.

**ТҮРГӨКТӨ түрмөктө** менен бирдей.

**ТҮРГӨН** Тез, ылдам.

**ТҮРГҮЗ түрдүр** менен бирдей.

**ТҮРДӨ** 1. Ар түрдүү кылуу, ар түрдүү түргө, формага, көрүнүшкө келтирүү. *Пахта ээлеген талаага, Аткан таң түрдөп нур сепкен* (Турусбеков). 2. Оюу-чийүү түшүрүү, түр салуу. *Кыз-келини баары уста, Килем сайып түрдөгөн* (Осмонкул).

**ТҮРДӨН I** Ар түрдүү түргө, формага, көрүнүшкө келүү; көрүнүү, өзгөрүү, кубулуу, кебетеленүү, сыяктануу. *Көгүш жайлоо Көк-Ойроктун Көрку чыгар, түрдөнөр* (Бөкөнбаев). *Ак куу моюн тоодак төш, Аппак каздай түрдөнөт* (Осмонкул). *Кырып ийчү түрдөнүп, Аттанар болду иниси* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТҮРДӨН II түрдө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮРДӨНТ түрдөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРДӨНҮҮ түрдөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРДӨНҮШ түрдөн** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРДӨӨ түрдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРДӨТ түрдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРДӨШ I** Түрү окшош, түрү бирдей.

**ТҮРДӨШ II түрдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРДҮР түр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРДҮҮ** Ар башка, ар түркүн, башка-башка, ар кандай, бирдей эмес. *Дасторкон жайылып, анын бети түрдүү тамакка толду* (Байтемиров). *Парктын ичинде жайкалган көк чөп, кулпурган ар түрдүү гүлдөр* (Каимов).

**ТҮРДҮҮЛӨ** Ар түрдүү түскө, формага келтирүү, бир өңчөй кылбастан ар түрдүү кылуу. *Түрдүүлөп боёо. Түрдүүлөп коюлган тамак.*

**ТҮРДҮҮЛӨТ түрдүүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРДҮҮЧӨ** Ар башкача, ар түркүн. *Түрдүүчө кийинүү. Түрдүүчө боёо.*

**ТҮРК** Ири, чоң, семиз. *Кочкоруң биттеп ирик кылгын, Коюңдун баарын түрк кылгын. Козусун саабай, түрк кылсын, Кочкоруң бычып ирик кылсын* («Манас»).

**ТҮРКМӨНДӨР** ж.с. түркмөн. Түркмөнстан Республикасынын негизги калкын түзгөн эл.

**ТҮРКОЛОГ** Түрк тилдери, түркология боюнча адис окумуштуу.

**ТҮРКОЛОГИЯ** Түрк тилдерин жана анын маданиятын үйрөнүүчү, изилдөөчү илимдердин жыйындысы.

**ТҮРКӨЙ** Окубаган, караңгы. *Мен окубаган түркөй адаммын* (Сыдыкбеков). *Мамбет кой жайгандан башканы билбеген түркөй адам, түн адам* (Касымбеков).

**ТҮРКӨЙҮ түркөй** менен бирдей.

**ТҮРКТӨР** Тилдери боюнча тектеш келишип, курамына татарлар, азербайжандар, өзбектер, казактар, кыргыздар, башкырлар, түркмөндөр, якуттар, каракалпактар, түрктөр ж.б. кирген элдердин чоң тобу.

**ТҮРКҮ ИЧИК** *диал.* Тондун бир түрү.

**ТҮРКҮК** 1. Тиреөч, мамы. *Алтын түркүк чатырдан, Айдай катын жеңеңе, Акырын басып келди ошол* («Сейтек»). *Сейит түркүктө байланып турган атты көздөй басып кетти* (Абдукаримов). 2. *өт.* Таяныч, тирек. *Кат артына караса, Калың журттун түркүгү, Эр Семетей аты экен* («Сейтек»). *Курулса аскер күчү жакшы колдон, Жакшы колдуу дүйнөгө түркүк болгон* (Баласагын). *Мага – төрт түркүк сымал төртөө жолу, Түркүк турса тирлик бар өмүр бою* (Баласагын).

**ТҮРКҮМ** 1. Топ, группа. *Канаттуулар түркүмү. Жылкы түркүмү.* 2. Түрдүү, ар кандай, түркүн. *Түркүм сөздөр чыга баштады* (Жантөшев). *Атасы таанып билбеген, Түркүм-түркүм эл басты* (Жантөшев). *Канаттуулар түркүм сонун күүгө салып сайрашты* (Жантөшев).

**ТҮРКҮМДӨ** Ар түркүм болуу, түрлөнүү. *Анын көңүлүндөгү уйгу-туйгу уламдан-улам түркүмдөп күч алат* (Жантөшев).

**ТҮРКҮМДӨЛ түркүмдө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮРКҮМДӨН түркүмдө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮРКҮМДӨӨ түркүмдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРКҮМДӨТ түркүмдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРКҮМДӨШ түркүмдө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРКҮН** Түрдүү, ар башка, ар кандай, ар түркүн. *Түркүн-түркүн кубулат, Тоту куштун жүнүндөй* (Осмонкул). *Эчен түркүн талаштарга катышып, Эчен сонун эстеликтер сактадык* (Токомбаев).

**ТҮРКҮНДӨН түркүмдөн** менен бирдей.

**ТҮРКҮНДӨТ түркүмдөт** менен бирдей.

**ТҮРЛӨ түрдө** менен бирдей. *Театрдын көчөсүн, Темир менен түрлөдү* (Бөлөбалаев). *Сайма түрлөп, салаага оймок кыстарган* («Ала-Тоо»).

**ТҮРЛӨН түрдөн** менен бирдей.

**ТҮРЛӨНДҮР түрдөнт** менен бирдей.

**ТҮРЛӨНТ түрдөнт** менен бирдей.

**ТҮРЛҮҮ түрдүү** менен бирдей.

**ТҮРМӨ** 1. Соттолуп, эркинен ажыраган адамдарды, ошондой эле тергөөдө жаткан адамдарды камоочу жай. *Боздоп ыйлап түрмөдө, Жаткан болчу Токтогул* (Токтогул). 2. *өт.* Турмуштун запкысын тартып, кыйынчылыкка калган абал, эрксиздик.

**ТҮРМӨК** 1. Бир нерсенин түрүлгөн тобу, түйдөк. *Алымкул колуна кандайдыр бир кагаз түрмөгүн көтөрүп чуркап келди* (Абдукаримов). *Бир түрмөк жип.* 2. Бир топ, белгилүү бир топту өз ичине алган бөлүк.

**ТҮРМӨКТӨ** Бир нерсени түрмөк кылып түрүү, ороо. *Түрмөктөгөн жип. Түрмөктөгөн кагаз.*

**ТҮРМӨКТӨЛ түрмөктө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮРМӨКТӨН түрмөктө** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮРМӨКТӨӨ түрмөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРМӨКТӨТ түрмөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРМӨКТӨШ түрмөктө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРМӨКТҮҮ** Түрмөктөлгөн, түрүлгөн, түрмөгү бар.

**ТҮРМӨЧҮ** Түрмө кызматчысы, түрмө кайтаруучу адам. *Токтогулдун таасири камактагылардын ортосунда күчтүү экенин билип, түрмөчүлөр акынды аябай кыйноого салышкан* (Бөкөнбаев).

**ТҮРӨГӨЙ** Жөнөкөй, тукумунда жакшы белгилери, сапаты жана касиети болбогон. *Түрөгөй ит.*

**ТҮРП I** Кандайдыр бир нерсенин кейпи, түрү, кыябы, жөнү, ырайы. *Иштин түрпү бузулуу. Нормасын аткарбады Кенже тунку, Башкача баштагыдан бүгүн түрпү* («Кыргызстан аялдары»). *Күндүн түрпү бузулду.*

**ТҮРП II** *диал.* Чамгыр.

**ТҮРПҮ I** Ири быдырлуу, көбүнчө жыгач сүрүү үчүн колдонулуучу өгөө.

**ТҮРПҮ II** 1. Кичине балыктын бир түрү жана ошол балыктын кабыгы. *Каңылтыр, сазан, түрпү, чабактар биздин көлдө көп болот* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир нерселердин, өсүмдүктөрдүн үстүңкү катмары, кабаты, катмардуу кат-кат бөлүгү.

**ТҮРПҮЛӨ** 1. Түрпү менен сүрүү, түрпү менен өгөөлөө. 2. *өт.* Ымыркайдын эки-үч айынан баштап эти чыйралып, өң-келбетине келе баштоосу. *Бөбөк түрпүлөнүп калыптыр.*

**ТҮРПҮЛӨӨ түрпүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРС** Бир нерсенин жерге катуу урулганындай, жерге катуу тийгендей күңүрт чыккан дабышты, дүбүрттү билдирүү үчүн колдонулат. *Түрс эткен дабыш. Жүрөк түрс-түрс согуу.*

**ТҮРСҮЛ** Түрсүлдөгөн дабыш, түрс-түрс сокkон дабыш.

**ТҮРСҮЛДӨ** Түрс-түрс эткен дабыш чыгаруу, түрс-түрс этүү. *Эшик түрсүлдөй түшүп, каалга ачылып калды* (Бейшеналиев). *Жүрөгүм согот түрсүлдөп* («Эр Табылды»).

**ТҮРСҮЛДӨК** Түрсүлдөп чыккан дабыш, үн.

**ТҮРСҮЛДӨӨ түрсүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРСҮЛДӨТ түрсүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРТ** 1. Кол менен же башка жол менен күч жумшап ордунан козгоо, жылдыруу, арылатуу, итерүү, нукуу. *Эшиктен кирип келген солдат Михаилди желкеге түртө айдап чыгып кетти* (Жантөшев). *Кимдир бирөө аны түртүп өттү* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Иштин жылышына жардамчы болуу, себеп, түрткү болуу. *Мына ушул абал Токтогулду үйлөнүүгө түрттү* (Бөкөнбаев).

**ТҮРТКҮ** 1. Түртүндү, ар кимдин түртүп, жөөлөп кетүүсүнө туш келген абал. *Бир кезде калың элдин ортосунда ар кимдин түрткүсүндө калыптырмын* («Ала-Тоо»). 2. Кандайдыр бир иштин алга жылышына, аткарылышына жардамчы болуучу аракет, себеп. *Жакшы окуп, өндүрүштө мыкты иштеген жаштарды дубал газеталарга чыгарып туруу башкалардан да жакшы окушуна түрткү берет* («Кыргызстан аялдары»). 3. Жектөөгө, түрткүнчүккө калган абал. *Үч жашымдан түрткү жеп, Мусапыр болуп кууpадым* (Токтогул).

**ТҮРТКҮЛӨ** 1. Кол, бут ж.б. аркылуу бир нерсени түртүп көрүү, козгоо, тийгизип түртүү. *Солдат Рудольфтун паспортун көрдү да, аркасындагы баштыгын түрткүлөдү* (Баялинов). 2. Таасир этүү, түртүү же айдоо аркылуу бир жакка багыттоо, жылууга, ордунан турууга мажбурлоо, аргасыз кылуу. *Түрткүлөп солдат айдаса, Тирүү жандан түңүлгөн* (Токтогул).

**ТҮРТКҮЛӨӨ түрткүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРТКҮЛӨТ түрткүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРТКҮЛӨШ түрткүлө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРТКҮНЧҮ** Түрткү берүүчү, алга жылдыруучу, иштин жүрүшүнө таасир берүүчү, козгоочу.

**ТҮРТКҮНЧҮК** Туш-туштан түрткүгө калган абал, жек көрүндү. *Козусунда чөпкө тойбогон, токтусунда да түрткүнчүк* (макал).

**ТҮРТМӨКТӨ** Түртмөккө алуу, түртүү, түрткүгө алуу, түрткүлөө. *Асан аны түртмөктөп, ордунан тургузган* («Кыргыз Руху»).

**ТҮРТМӨКТӨЛ түртмөктө** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮРТМӨКТӨӨ түртмөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРТМӨКТӨТ түртмөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮРТМӨКТӨШ түртмөктө** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРТӨ САЛ КЫЛУУ** Эптеп-септеп жүр нарыга салуу, болду-болду кылуу.

**ТҮРТӨ САЛУУ** Бирөөгө ыйгара коюу, шылтай коюу, өзүнөн алыстатуу. *Эч ким күнөөсүн мойнуна алгысы келбейт, бардыгы башка бирөөгө түртө салууга маш болушту.*

**ТҮРТҮҮ түрт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРТҮШ түрт** этишинин кош мамилеси.

**ТҮРҮЛ түр** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮРҮМ** Белгилүү бир түрмөк өлчөмү, нерсенин түрүлгөн түрмөгү. *Бир түрүм жип.*

**ТҮРҮН түр** этишинин өздүк мамилеси.

**ТҮРҮҮ түр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮРҮҮЧҮ** Түрө турган, түрүү ишин аткаруучу. *Жибек түрүүчү фабрика.*

**ТҮРҮШ түр** этишинин кош мамилеси.

**ТҮС** 1. Белгилүү бир өң, ыраң. *Антпестен бир гана түс болсун үчүн, Бардыгын кызыл менен боёр элем* (Осмонов). 2. Кебете, түспөл, көрүнүш, түр. *Кийими, түсү, анын далай белгиси, Малдын ээси эместигин билдирди* (Токомбаев). *Жигиттин түсүн айтпай, ишин айт* (макал).

**ТҮСПӨЛ** Кебете, кейип, түс, бир нерсенин көрүнүшү, түрү. *Кулукандын сырт түспөлүнө көз салып, кандайдыр белгисиз күч жүрөгүн жылыткан* (Жантөшев).

**ТҮСПӨЛДӨН** Белгилүү бир кебетеде, түспөлдө болуу, окшош болуу.

**ТҮСПӨЛДӨНТ түспөлдөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮСПӨЛДӨШ** Түспөлү окшош, кебетеси, көрүнүшү окшош. *Эл айткандай, Мукай баарынан атасына түспөлдөш* (Таштемиров).

**ТҮСПӨЛДӨШТҮР** Сырткы кебетесин, түспөлүн окшотуу, окшош кылуу, окшоштуруу. *Кенже өз атасы Зарлыкты эстеп, жакшы көргөн директоруна түспөлдөштүрөт* (Кыргызстан аялдары»).

**ТҮСПӨЛДҮҮ** Белгилүү бир түспөлдө, түспөлү окшош. *Теңге чөпкө конгон ак көпөлөк түспөлдүү татынакай бир элес көзүмө чалдыкты* (Жакыпбеков).

**ТҮССҮЗ** Белгилүү бир түстө экендиги байкалбаган, түсү жок. *Түссүз газ.*

**ТҮСТӨН** Түсү, кебетеси жагынан окшоо, окшош болуу.

**ТҮСТӨНТ түстөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮСТҮҮ** 1. Кандайдыр бир түстө, өңдө, кызыл, сары, жашыл ж.б. сыяктуу белгилүү бир түсү бар. *Түстүү металлдар. Түстүү карандаш.* 2. Өңдүү, кебетелүү, сулуу. *Аялы Бурма болсо, өңдүү, түстүү, оокатка камбыл, шайыр киши болгон* (Бөкөнбаев).

**ТҮСҮ ИЙГИ** Ырайымдуу, ыймандуу. *Бирок, ак жоолукчандын да түсү ийгиси болсо, – деди Маты* (Жантөшев).

**ТҮСҮН ҮЙРҮҮ** Кагып-силкип кааруу, жекире ачуулануу. *Түсүн үйрүп бүркөлөт, Байназарды көргөндө* (фольк.). *Баягысындай түс үйрүп, ыгы келе калганда тоо арасындагы бейпил журтту ийре салат* (Сыдыкбеков).

**ТҮТ I** Тооктордугу айдоодо колдонулат.

**ТҮТ II** 1. Чыдоо, чыдамдуулук кылуу, ту-

руштук берүү. *Жүрөк түттү, Согуш бүттү, Элим жеңди душманды* (Нуркамал). *Айбатына жан түтпөс, Баатырлардын бири экен* («Манас»). 2. Жетишүү, жетишерлик болуу. Канча акча болсо да, сага түтпөйт («Кыргызстан маданияты»). *Барчылдата чайнаса, Чычырканак түтпөгөн* (Калык).

**ТҮТКӨР түт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮТКҮС** Түтө албаган чыдагыс, чыдай алгыс. *Ар кимиңдин боюнда, Адам түткүс алың бар* («Манас»).

**ТҮТӨ I** 1. Жалындап күйбөй түтүн чыгуу, түтүн чыгаруу, быкшуу. *Жер кемегелер түтөп, ар кайсы кемегенин жанында кой союлуп жатат* (Бөкөнбаев). *Билигин көтөрсө ыш түтөйт* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Күйүт тартуу, кайгыруу. *Сонунбу жалгыз бир тууганынын жаш кеткенине түтөп жүрүп жүрөк ооруга чалдыкты.*

**ТҮТӨ II** Чирип, упурап бузула баштоо. *Жаанда калган чөптөр түтөп кетиптир.*

**ТҮТӨГҮҮ түтөк** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮТӨГҮШ түтөк** этишинин кош мамилеси.

**ТҮТӨК** Көбүнчө бийик тоолуу жерде дем алуусу кыйындаган, кыстыккан абал, оору. *Түтөк болуп кокустан, Жалгыз кулун калбасын* («Эр Табылды»). *Акбар түтөгүп баратамбы деп чочулады* (Убукеев).

**ТҮТӨКТҮР түтөк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮТӨӨ түтө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮТӨШҮ** Мөгдөп калуу, жүдөө, чүнчүү. *Балам биротоло түтөшүп кетет го.*

**ТҮТҮ: түтү-түтү** Тоокту чакырууда колдонулат.

**ТҮТҮК** 1. Жумуру келген, көңдөй зат. *Казылып борбор көчө түпсүз терең, Тереңге чоюн түтүк түшту белен* (Токомбаев). *Дал ушул жерди оюп, суу түтүгүн ортого салгыла* («Чалкан»). 2. Үйлөө аркылуу ойнолуучу музыкалык курал, аспап. *Жез түтүк үнү чыркырап, Жез най үнү дыркырап* («Манас»). *Сары жыгач түтүк жасатып, Сайраттың кыяк, чоорду* (Осмонкул).

**ТҮТҮКТӨ** Түтүктөп чыккандай болуу, дирилдеп агуу. *Мурдумдан кан түтүктөй болуп агат, кара терге түшүп алсырай баштадым* (Бөкөнбаев).

**ТҮТҮКТӨӨ түтүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮТҮКТӨТ түтүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮТҮКЧӨ** Кичинекей түтүк, ичке түтүк. *Сапар түтүкчөнүн боорунан салаалап агып жаткан мөлтүр сууга жуунуп жашынган адамдарга аралашты* (Бейшеналиев).

**ТҮТҮЛДӨ** Машинадан сигнал берилгендегидей түүт-түүт эткен дабыш чыгуу, түүт-түүт этүү, түтүүлдөө. *Ага шаардын уу-чуусу жаккан жок. Машиналар тынбай ары-бери зымырап түтүлдөсө, кызга негедир жат* («Ала-Тоо»).

**ТҮТҮЛДӨТ түтүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮТҮЛӨ** 1. Түтү-түтү деп тоокту чакыруу, түтү-түтү деген үн чыгаруу. *Тоокторду түтүлөп имерип, эшиктин көзүнө айдап келдим* (Касымбеков). 2. Тү-тү деп түкүргөндөй ишарат жасоо (көз тийбесин, Кудай анын бетин ары кылсын деген мааниде). *Чоң аякка суу куюп, уулунун башынан эки-үч айландырып, түтүлөй ыргыткан кемпирин оолактаткан Мусабек кубанып сүйлөдү.*

**ТҮТҮЛӨӨ түтүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮТҮН** 1. Күйүүдөн пайда болуп, абага көтөрүлүп чыккан газ түрүндөгү заттардын жыйындысы. *Күн чыга ар бир үйдөн сүйдаң, көгүш түтүн булай баштады* (Каимов). *Күж-күж этип, Түтүн бүркүп, Даяр турат паровоз* (Үмөталиев). 2. Өз алдынча бир үй-бүлө, өзүнчө бир үй эсебиндеги чарба бирдиги. *Эки жүз элүү түтүндүн...* («Манас» С.О.). *Бул экөөбүздү жаңы түтүн эсебине каттады* (Жантөшев). *Эки жүз түтүн эли бар, Эпкиндүү кыйын кеби бар* («Эр Табылды»). *Түтүнү бөлөктүн – түйшүгү бөлөк* (макал).

**ТҮТҮН БУЛАТУУ** Өзүнчө оокат кылуу, өзүнчө үй-жай күтүү. *Жаман эмес, балдардын асты өзүнчө түтүн булатып калды.*

**ТҮТҮН ТАЛАШ** *тар.* Өз тарабына же өз жагына шайлоочу тартууну каалап, ар бир үйдү талашуу.

**ТҮТҮН УУЛОО** 1. Акмалоо, кароо. *Түтүндү улап куугунчулар же өтүп бара жаткан жүргүнчүлөр келип калуу коркунучу турат* (Жантөшев). 2. Тамак андып ар кайсы үйгө, көрүнгөндүн үйүнө кире берүү, кыдыруу.

**ТҮТҮН ЧЫГАРУУ** *же* **түтүн булатуу** Өз алдынча үй-жай күтүү, чарба күтүү, үйгө ээ болуу. *Бегалы киши болуп, уругун таап, өзүнчө түтүн булатат экен деп ишенип жүрсө!.. – дейт Кулу* («Ала-Тоо»).

**ТҮТҮН ЧЫГЫМЫ** Өзүнчө үй, өзүнчө чарба болуп эсептелген түтүн баш сайын алынуучу салык.

**ТҮТҮНДҮ ТҮРӨ КЫДЫРУУ** Үй баш сайын, ар бир үй сайын, эч бирин калтырбай кирүү жок издеп, сурамжылап, үгүттөп ж.б. *Түтүндү түрө кыдырдым, эч нерсе табылбады.*

**ТҮТҮНМӨ-ТҮТҮН** Үй баш сайын, ар бир үй сайын. *Түтүнмө-түтүн кыдырып, Курсагы ашка тоюнду* (Тоголок Молдо).

**ТҮТҮШ түт** этишинин кош мамилеси.

**ТҮҮ** 1. Бир нерсеге кыжырланганда, таң калганда, өкүнгөндө колдонулат. *Түү, ушундай да кунаса киши болот экен а!* (Абдукаримов). 2. Түкүргөндүктү билдирүү иретинде колдонулат.

**ТҮШ I** Уктап жатып өңүндөгү сыяктуу сезилген элестер. *Чочуп Эркекыз көз ачса, түшү экен* (Байтемиров). *Ары жок тооктун түшүнө актаган тару кирет* (макал). *Эстесең керек... Менде чоң бүгүн жаңылык, Түшүмө кирип, жүрөмүн дедиң сагынып* (Өмүров).

**ТҮШ II** Күн чыккандан батканга чейинки мезгилдеги убакыттын дал ортосу, болжол менен күндүзгү саат он экиге туура келүүчү убакыт. *Түштө көрдүм Кочкорду, Түрмөлүп дартым козголду* (Казыбек). *Түш ооп кеткен мезгил* (Абдукаримов). *Татыбек эшикке чыкканда күн түш эле* (Байтемиров).

**ТҮШ III** 1. Жогорудан, тоодон ж.б. төмөн карай багыт алуу, ылдыйлоо. *Эртеңден баштап кырманчылардан башка иштөөчүлөр тоодон жакага түшөт* (Касымбеков). *Машина дагы өйдө чыгып, ылдый түштү* (Сасыкбаев). *Кымыз серке чаначтын колуна дейре түшө түштү* (Сыдыкбеков). 2. Ат үстүндө, транспортто ж.б. отурган абалдан жер баскан абалга, жерде турган абалга өтүү. *Кычан кунандан ыргып түштү* (Бейшеналиев). *Келип түштү Солтобай Кулжыгачтын айлына* («Олжобай менен Кишимжан»). 3. Транспорттун же башка бир нерсенин ичинен орун алуу. *Ак жоолугун делбиретип, жолоочулар түшкөн машинаны узатып турат* (Сыдыкбеков). 4. Ажыроо, кулоо, бөлүнүү. *Тиш түшкөндө тил калат, Сүйлөй албай балдырап* (Токтогул). *Күзүндө апорттор топ-топ түшүп турбаса мага кел – деди* (Сыдыкбеков). *Сырыңдын баары түшүптүр, Болгон окшойт бир заман* (Токтогул). 5. Башталуу, болуу. *Кыш түштү. Суук түштү. Караңгы түштү.* 6. Басуу, каптоо. *Чүйдүн талаасына боз түшүп турду* (Бөкөнбаев). 7. Белгилүү бир деңгээлден төмөнүрөөк абалда болуу. *Кыздардын чачтары беш өрүм болуп жаагынан түшүп турса, кандай жарашчу эле* (Сыдыкбеков). 8. Кабылуу, капканга, тузакка ж.б. кармалуу, дуушар болуу, туш келүү. *Жайган торго чалынып, Торго түштүң, турумтай* (Тоголок Молдо). *Көп жойлогон түлкү капканга түшпөй койбойт* (макал). 9. Терендикке, бир нерсенин ичине кирүү, ортосунда, арасында болуу. *Ал эми кожоюн жумушка алып, шахтага түшкөндөрдүн чекеси жылыйт дейсиңби* (Сасыкбаев). *Бир кудайдын эркеси, Жер алдына түшкөнү* («Манас»). 10. Изи, тагы калуу, сүрөтү, элеси тартылып калуу. *Эки күн илгери ушул жылгадан Абдылда жаңы түшкөн аттын изин көргөн* (Байтемиров). *Көзү өткүр, өмүрү жаш, ою көп, Качан, кайда түшкөн ушул сүрөткө* (Нуркамал). 11. Шоола, жарык тийип туруу. *Токтогулдун маңдайы үзүктүн жыртыгынан түшкөн айдын шооласына туура келди* (Токомбаев). 12. Дарылануу, көрүнүү. *Табыпка түшүп айыкчу, Көкүрөктөгү чер эмес* («Мендирман»). 13. Күрөш, эңиш сыяктуу кандайдыр бир мелдештерге, оюнга катышуу, беттешүүчү тарап болуп чыгуу. *Күрөшкө түшүү. Эңишке түшүү. Улакка түшүү. Оюнга түшүү.* 14. Чөмүлүү, кирүнүү. *Сууга түшүү. Көлгө түшүү. Мончого түшүү.* 15. Кандайдыр бир абалда болуу, белгилүү бир абалга келүү. *Кай бирлери сыңар тизелеп, кай бири чөк түшүп отура калышты* (Жантөшев). 16. Ойго, эске, көңүлгө келе калуу. *Элемандын сырттаны, Эсине түшүп аюусу, Мурутун жулуп калганы* («Эр Төштүк»). *Ойго түшөт жашчылык, Узун жашап барганда* (Осмонкул). 17. Белгилүү бир баасын, канчага тургандыгын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Кымбат түштү. Арзан түштү. Беш сомго түштү.* 18. Кыймыл-аракеттин, абалдын ж.б. болуп өткөндүгүн, кокусунан болгондугун, тездигин ж.б. билдирүү же узакка созулгандыгын, бир нече кайталангандыгын билдирүү маанисинде көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Капысынан үйдүн ичи жарк дей түштү* (Убукеев). *Мамырды көрүп Чолпондун эсине Ракыя кылт эте түштү* (Байтемиров). *Сүйлө-сүйлө, Акы деп, – Сүйлөй түш, Акы дагы деп* («Эр Табылды»).

**ТҮШ КЫЯМЫ** Убакыт өлчөмү. Түш ооп, кечке тарткан мезгил. *Түш кыямы кечинде* («Манас» С.О.).

**ТҮШКӨЛӨЙ** *диал.* Тескей.

**ТҮШКӨЛҮК** *диал.* Түштүк.

**ТҮШКҮ** Түш мезгилиндеги, түш маалындагы. *Түшкү тамак. Түшкү ысык. Түшкү дем алыш.*

**ТҮШКҮН** Өрмө камчынын учундагы түйүн. *Кой башындай коргошун, кошо түйгөн түшкүнгө* («Манас»). *Түшкүнүнө зым ороолгон камчы.*

**ТҮШКҮСҮН** Түштө, түш маалында. *Түшкүсүн болуучу тыныгуу.*

**ТҮШӨ I** Түшүндө көрүү. *Эркек эшек түшөбөйт, катын камыр түшөбөйт* (макал).

**ТҮШӨ II** Койду чакырууда колдонулат.

**ТҮШӨЛӨ** Түшө-түшө деп койлорду чакыруу, токтотуу.

**ТҮШТӨ** Түш мезгилинде, түш маалында, түш ченде. *Түштө эс алуу. Түштө тамак ичүү.*

**ТҮШТӨН** Түштө тамактанып, тыныгуу, күндүзгүсүн тамактанып, сый көрүү. *Кайра келатканыңда биздикине келип, түштөнө кет* (Абдумомунов).

**ТҮШТӨНДҮР түштөнт** менен бирдей. *Асылбек коюн союп, бозосун салып, дасторконун жайнатып инисинин кудаларын түштөндүрдү* («Ала-Тоо»).

**ТҮШТӨНТ түштөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮШТӨНҮҮ түштөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮШТҮК I** Түштө, түшкүсүн. Бир күндүн жарымы, жартысы. *Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүңө жорго мин* (макал). 2. Түшкү тамак. *Түштүгүнө тай сойду.*

**ТҮШТҮК II** 1. Жер шарынын төрт тарабынын бир жагы, түндүк тараптын карама-каршы жагы. *Мына түштүк жакта бою асман тиреген чалкыган тоо жатат* (Байтемиров). *Түштүгүндө: Пахта, жибек, кени бар, Чыгыш жагы – кендүү, малдуу Тянь-Шань* (Токомбаев).

**ТҮШТҮК БАЛЫК** *астр.* Түштүк жарым шардагы Фомальгуат жаркырак жылдыздуу топ жылдыз.

**ТҮШТҮК ЖОЛ** Аралык өлчөм, атчан жүргөн адам эртең мененден түшкө чейин өткөн аралык, болжол менен 20–25 чакырым жол. *Арасы бар түштүк жол* («Манас» С.О.).

**ТҮШҮМ** Эгиндин кызылы, ар кандай өсүмдүктөрдүн берген даны, мөмөсү. *Биздин Чүй боорунда кызылчанын мол түшүмүнө ээ болгон бир топ дыйкандарыбыз бар. Күжүрмөндөр аябагын күчүңдү, Жүгөрүдөн көп алалы түшүмдү* (Осмонкул).

**ТҮШҮМДҮҮ** Түшүмү көп, түшүмү жакшы, түшүмү мол. *Аскар элдин эгини түшүмдүү болсо деп үрөндүн өнүмүн текшерет* (Сыдыкбеков).

**ТҮШҮМДҮҮЛҮК** Түшүмү көп болуучулук, түшүмү мол болуучулук, түшүмү молдук. *Быйылкы жылы эгиндердин түшүмдүүлүгү эң жогорку көрсөткүчкө жетти.*

**ТҮШҮН** Бир нерсенин маанисин, мазмунун өзү үчүн түшүнүктүү кылуу, акыл-эсине жеткире билүү, акыл-эсинде айкын болуу. *Абылбек менен Айгүл Темировдун койгон суроосуна жакшы түшүндү* (Жантөшев). *Көрбөгөн көп жыл жашап мындай сонун, Түшүндүм партиянын айкын жолун* (Барпы). *Түшүнгүн сен, күл эмесмин бүгүн мен, Баардыгына кол кууушуруп тургудай* (Байгазиев). *Ааламды канча жолу эскиртпедик, Түшүндүк кайра аруулап канча ирет* (Сариева).

**ТҮШҮНБӨӨ түшүнбөс** менен бирдей.

**ТҮШҮНБӨӨЧҮЛҮК түшүнбөстүк** менен бирдей.

**ТҮШҮНБӨС** Түшүнбөгөн, түшүнбөй турган, түшүнө бербеген, түшүнүп болбой турган.

**ТҮШҮНБӨСТҮК** Түшүнбөгөндүк, билбестик. *Жеңилгендей кыздын айткан сөзүнө, Түшүнбөстүк чын айыптуу мен деди* (Осмонкул).

**ТҮШҮНГҮС** Түшүнүп болбой турган, түшүнүп биле бербеген, такыр түшүнүксүз. *Байкап адам түшүнгүс, балдырлаган сөздөрү* («Эр Табылды»).

**ТҮШҮНГҮЧ** Түшүнгөн, ажырата билген, түшүнүктүү. *Мугалим ар нерсени түшүнгүч, сезгич болуу керек* («Кутбилим»).

**ТҮШҮНДҮР түшүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮШҮНДҮРГҮЧ** 1. Бир нерсени түшүндүрүү же бир нерсеге түшүнүк берүү иши менен иришкен киши. 2. *сүйл.* Комментатор.

**ТҮШҮНДҮРМӨ** Ачып көрсөтүлгөн маани, түшүнүк. *Бул сөздүн маанисин түшүндүрмөсүнөн ачык билүүгө болот. Түшүндүрмө сөздүк.*

**ТҮШҮНДҮРМӨЛҮҮ** Түшүндүрмөсү бар, түшүндүрмө берилген.

**ТҮШҮНДҮРҮҮ** *пед.* Мугалимдин чыгармачылыгы менен окуучуларга жаңы теманы түшүндүрүү жана анын башка темалар менен болгон байланышын далилдөө.

**ТҮШҮНТ түшүн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮШҮНҮК** Бир нерсе жөнүндө болгон аныктама, иштин, окуянын жөн-жайы көрсөтүлгөн баяндама, кабар, түшүндүрүп ачып көрсөтүлгөн маани. *Так түшүнүк бергиси жок* (Токомбаев). *Орозованын өз колунан түшүнүк алып, тезинен мага кабар кылгын* (Бейшеналиев).

**ТҮШҮНҮКСҮЗ** Түшүнүктүү эмес. *Түшүнүксүз себеп. Түшүнүксүз китеп.*

**ТҮШҮНҮКТҮҮ** Түшүнөрлүк, түшүнүгү ачык, даана, белгилүү. *Каныбекти издеп жүргөнүңүз эми түшүнүктүү болду* (Жантөшев).

**ТҮШҮНҮЛ түшүн** этишинин туюк мамилеси.

**ТҮШҮНҮҮ түшүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮШҮНҮШ түшүн** этишинин кош мамилеси.

**ТҮШҮҢКҮ** Болор-болбос түшүп турган, бир аз түшүп турган, түшүмүш тарткан. *Кабагы түшүңкү. Көңүлү түшүңкү.*

**ТҮШҮР түш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТҮШҮРКӨ түшүркөн** менен бирдей.

**ТҮШҮРКӨН** Уктап жаткан учурларда эркектердин уругунун түшүп калуусу, агуусу.

**ТҮШҮҮ түш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТҮШҮШ түш** этишинин кош мамилеси.

**ТҮШЧҮЛҮК** Түшкө чейинки убакыт.

**ТЫБЫР** Тып-тып этип, тыпылдап күн жаагандан чыккан дабыш, жамгыр жааган-дагыдай чыккан дабыш. *Тыбыр-тыбыр этип күн жаайт.*

**ТЫБЫРА I** 1. Буту-колун тыбырчылатуу, буту-колун тез-тез серпип кыймылдоо, тыбырчылоо. *Душман эки-үч ала салып барып тыбырай баштады* (Сасыкбаев). 2. Токтоно албоо, чыдамсыздануу, чебелектөө. *Токтоно албай тыбырап, Кырк жигитке шыбырап* («Эр Табылды»).

**ТЫБЫРА II** Муун аталыштарынын бири.

**ТЫБЫРАТ тыбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫБЫРАШ тыбыра** этишинин кош мамилеси.

**ТЫБЫРОО тыбыра** этишинии кыймыл атоочу.

**ТЫБЫРЧЫЛА тыбыра** менен бирдей.

**ТЫБЫТ I** Үлпүлдөгөн жумшак, назик жүн, түк. *Күнөстө эчкилердин тыбытын кылдап, байбиче отурат* (Сыдыкбеков). *Коёндун тыбыты.*

**ТЫБЫТ II** *диал.* Чөбөгө.

**ТЫБЫТТА** Тыбыт алуу максатында атайын тарак менен эчки ж.б. жаныбарларды тароо, жүндөн тыбытты бөлүп алуу, тыбытты кыл ж.б. тазалоо. *Эчкини тыбыттоо. Жүндү тыбыттоо.*

**ТЫБЫТТАЛ тыбытта** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫБЫТТАТ тыбытта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫБЫТТАШ тыбытта** этишинин кош мамилеси.

**ТЫБЫТТОО тыбытта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫБЫТТУУ** Тыбыты бар, тыбыт жүндүү, *Буладай уяң тыбыттуу, Жибектен кымбат жүнү бар* (Үмөталиев).

**ТЫБЫШ** *лингв.* Абанын толкуну менен кулакка угулуучу үн, сөздүн эң кичине фонетикалык элементи. *Үндүү тыбыштар. Үнсүз тыбыштар.*

**ТЫГУУ тык** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫГЫЗ** 1. Арасы өтө жакын, жыш, калың. 2. Бир-бирине абдан жакын, бекем, чың. *Бийлик өкүлдөрү эл менен дайыма тыгыз байланышта болуусу кажет* («Ала-Тоо»). *Биздин басма сөзүбүздүн күчү эл менен тыгыз байланышкандыгында* («Кыргызстан маданияты»).

**ТЫГЫЗДА** Тыгыз кылуу, чың, бекем түргө келтирүү, таптап чың кылуу.

**ТЫГЫЗДАЛ тыгызда** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫГЫЗДАТ тыгызда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫГЫЗДАШ тыгызда** этишинин кош мамилеси.

**ТЫГЫЗДОО тыгызда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫГЫЗДЫК** 1. Тыгыз түрдө болгондуктан, жыштык, калындык, бышыктык. *Кездеменин тыгыздыгы. Массанын тыгыздыгы. Заттын тыгыздыгы.* 2. *өт.* Тардык, кенен эместик, кең-кесири болбогондук. 3. *эск.* Өтө шашылыштык, ылдамдык, тездик.

**ТЫГЫЛ тык** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫГЫЛМА** Саздуу, сормо ылайлуу, баткактуу, батып калма, тартып кетме.

**ТЫГЫЛМАЛУУ** Тыгылмасы бар, батып калмасы, тартып кетмеси бар, тыгылма.

**ТЫГЫН** Көбүнчө оозу кууш идиштердин оозун бекитүүгө ылайыкталып жасалган бекиткич. *Жаабай бутылканын тыгынын чыгарайын десе, оозу ачык экен* (Каимов). *Мамбет чакчанын тыгынын ачпай, ээсине кайра сунду* (Каимов).

**ТЫГЫНДА** Бир нерсенин оозуна тыгын тыгып коюу, тыгын менен бекитүү.

**ТЫГЫНДАЛ тыгында** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫГЫНДАТ тыгында** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫГЫНДАШ тыгында** этишинин кош мамилеси.

**ТЫГЫНДОО тыгында** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫГЫНЧЫК** Анча-мышча кошумча, бир аз да болсо керекке жарап турган, кошумча боло турган нерсе.

**ТЫГЫРЧЫК** Томологунан келген, чың, чымыр. *Мустафа бир аз колдур сүйлөгөн, тыгырчык бойлуу, тегерек бет татар жигит эле* (Сасыкбаев).

**ТЫГЫРЧЫКТА ныкта** менен бирдей.

**ТЫГЫРЧЫЛЫК тыгырчык** менен бирдей.

**ТЫЗ КОЮУ** Абдан тез, ылдам чуркоо, жүгүрүү, тез качып кетүү.

**ТЫЗ: тыз этүү** 1. Ичке нерсе менен сайганда же ачыштыруучу ар кандай нерсе (иод, кислота ж.б. ) тийген учурларда дене ачышып тызылдай түшүү. 2. *өт.* Ичи ачышуу, ичи күйүү, абдан кейүү. *Мыскалдын жүрөгү тыз этип, балким, ак саргыл Бети да болор-болбос өзгөрүлө түштүбү* (Сыдыкбеков).

**ТЫЗЫЛДА** 1. Тыз-тыз этүү. (мис., ачышканда, катуу үшүгөндө ж.б. ). *Бет чымырап, кулак тызылдайт* (Каимов). 2. Бутубутуна тийбей тез жүгүрүү, тыз коюу. *Балдардын төртөө төрт тарапка тызылдап, короо-короого кирип жок болушту* (Сыдыкбеков). 3. *өт* Ичи күйүү, абдан капаланып кейүү. *Элге сыр билгизбегени менен жүрөгү тызылдады* (Байтемиров).

**ТЫЗЫЛДАТ тызылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫЗЫЛДАШ тызылда** этишинин кош мамилеси.

**ТЫЗЫЛДОО тызылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫЙ** Жол бербөө, токтотуу, коюу, уланышына жол бербөө. *Напсиңди тый, эсирбе* (Токтогул). *Кой, ачууңду тый, балдардын атасы!* (Жантөшев). *Улам жулунуп, оозуна келгенди оттоп жаткан көпкөн жигитти тыйып отурдук* («Чалкан»).

**ТЫЙДЫР тый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫЙНАКТАЙ тырмактай** менен бирдей. *Жибек курт тамак жемек тургай, тыйнактай тынып койбойт, баары бир орогону орогон* (Таштемиров).

**ТЫЙПЫЛ** Бүт этекеси калбай, бүт бойдон, толугу менен, такыр. *Айласы тыйпыл түгөнүү.*

**ТЫЙПЫЛ КЫЛУУ** Эч нерсесин калтырбай таптакыр жок кылып таштоо, жы-

лан сыйпагандай кылуу. *Чогулуп келишип, жалгыз Дадый үчүн айылдын калкын тыйпыл кылып салышат* («Ала-Тоо»). **В.: Тыптыйпыл кылуу.** *керимсел гүлдөрдү тыптыйпыл кылып, күбүп түшүрдү.*

**ТЫЙПЫЛ КЫЛЫП САЛУУ** Таптакыр жок кылып таштоо.

**ТЫЙТАЙ I** Кытайлык согуш чиндеринин бири. *Тыйтай менен шыйтайы, Өкүмдүүлөр жыйылып, Өңкөй улук бардары* («Манас»).

**ТЫЙТАЙ II тыртай** менен бирдей.

**ТЫЙТАК: тыйтак-тыйтак этүү** 1. Чабал, арык кишинин алы жетпеген аракетин билдирүү үчүн колдонулат. 2. Колунан келбесе да, сөзү өтпөсө да каршылык кылып, наразылыгын билдиргендигин, обу жок эркелигин ж.б. аракетин көрсөтүү үчүн колдонулат.

**ТЫЙТАКТА** Тыйтак-тыйтак этүү.

**ТЫЙТАКТАТ тыйтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫЙТАКТАШ тыйтакта** этишинин кош мамилеси.

**ТЫЙТАКТОО тыйтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫЙТАҢ тыйтак** менен бирдей.

**ТЫЙТАҢДА тыртаңда** менен бирдей.

**ТЫЙТЫЙ** Таарынуу, ыза болуу, бирдемелерге таарынып же ыза болгонсуп, кыйтыйып калуу.

**ТЫЙТЫК** Тыйтыгым куруду же тыйтыгым түгөндү. Аргасы калбоо, аргасын түгөтүү, жүдөтүп бүтүрүү, жоготуу, алдан-күчтөн ажыроо, алсыратуу. *Тыйтыгы калган жок.*

**ТЫЙЫЛ тый** этишинин туюк мамлиеси.

**ТЫЙЫН I** 1. Бир сомдун жүздөн бир бөлүгүнө тең келген акча бирдиги. *Беш тыйын бербе март болуп Пейли жаман бузукка* (Токтогул). 2. *сүйл.* Жалпы эле акча каражаты, теңге, пул. *Кийим эмес, оокат үчүн күндөлүк тыйыны жок* (Токомбаев).

**ТЫЙЫН II тый** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЫЙЫН ЧӨП** *бот.* Көбүнчө чабынды, суулуу жерлерде өсүүчү үч-үчтөн тыйынга окшогон кичинекей жалбырагы бар беде өсүмдүгү, уй беде. *Атай тыйын чөптөрдүн түбүн ачып издөөгө киришти* (Бейшеналиев).

**ТЫЙЫН ЧЫЧКАН** Териси баалуу, куйругу барпайган, жыгачтарда жашоочу кичинекей кемирүүчү айбан. *Аралап арчаларын шимшип жойлоп, Кармалып коён, тыйын болгон жеми* (Бөкөнбаев).

**ТЫЙЫН ЭҢМЕЙ** Ат үстүндө чаап баратып жердеги тыйынды эңип алуу негизги максаты болгон спорттук оюн.

**ТЫЙЫНДА** Тыйын кылуу, тыйынга айландыруу, пулдоо. *Акчаны тыйындап майдалоо.*

**ТЫЙЫНДЫК** Тыйын тура турган, тыйынга арзырлык, тыйын туруучу. *Азыр тыйынтык эч нерсе жок. Элүү тыйындык марка алды.*

**ТЫЙЫШ тый** этишинин кош мамилеси.

**ТЫК I** Көбүнчө найзанын учтуу учу, сайыла турган учтуу бөлүгү. *Найзага болот тык кылган, Тыгын өткүр курч кылган* (Тоголок Молдо).

**ТЫК II** Дароо, кескин түрдө; *Эшик алдына келгенде, Жүкөш тык токтоду* (Абдумомунов). *Тык эсине түшө калды, ай-айлап күтүп жүргөн жообу* (Осмонов).

**ТЫК III** Көңдөйгө, тешикке же бир нерсенин арасына шыкап кийирүү, бүтөө. *Какчасын асбайга толтуруп, тыгынын тыгып, чөнтөгүнө салды* («Ала-Тоо»). *Анжиянга жете электе эле селдени куржундун ичине тыга салдым* (Токомбаев).

**ТЫК IV: тык-тык** 1. Катуу нерсени акырын урганда же жалпы эле урунуудан келип чыккан басыңкы дабыш. *Терезе тыктык этип, «эже» деген үн чыкты* (Сыдыкбеков). 2. Алсыз, оорулуу адамдын кыскакыска жөтөлүшүнөн чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Анда-санда онтоп, тык-тык жөтөлүп, Сансыз жатат* (Жантөшев).

**ТЫКАН** Жүргөн-турганы, иштеген иши ж.б. тың, жыйнактуу, чыйрак. *Булабаев мурдагыдан да тыкан, кыймылдуу болуп калды* (Сасыкбаев).

**ТЫКАНДА** Бирдемелерди тыкан кылып иштөө, тегиздеп жыйнактуу кылып коюу, тыкан кылып жыйноо.

**ТЫКАНДЫК** Жыйнактуулук, тың жана тактык. *Калыгул өзүнүн иштерин өтө тыкандык менен бүтүрөт* (Абдукаримов). *Жаш шахтёрго тыкандык керек.*

**ТЫКЧЫГЫЙ** Кичинекейинен келген чымыр, тырсыйган (киши жөнүндө). *Тыкчыгый киши.*

**ТЫКЧЫЙ** Тыкчыгый кебетеде болуу.

**ТЫКЧЫҢДА** Кескин, өкүм кыймыл-аракетте болуу, өтө чыйраксынуу, тыкылдоо, өкүмдүк кылуу, чекчеңдөө. *Чоң эне тыкчыңдап бададан үй айдап келаткан небересинин караанына өзүнчө жалынып койду* («Ала-Тоо»).

**ТЫКЧЫҢДАТ тыкчыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫКЧЫҢДАШ тыкчыңда** этишинин кош мамилеси.

**ТЫКЧЫҢДОО тыкчыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫКЧЫҢДЫК** Тыкчыңдаган, тыкчыңдап турган.

**ТЫКШЫР** Бир нерсеге шыкап толтуруу, тыгуу, шыкоо, катып алуу. *Ашыр документтерди жаман көзү менен карап алып кончуна тыкшырды* (Сасыкбаев).

**ТЫКШЫРУУ тыкшыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫКЫЗ** *туурасы:* **тыгыз.**

**ТЫКЫЙ** Жапалдаш келип, жыйнактуу, тыкчыгый тарткан көрүнүштө болуу, тыкчыйып туруу.

**ТЫКЫЙТ тыкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫКЫЛДА** 1. Тык-тык этүү. *Аңгыча болбой терезе тыкылдады* (Сасыкбаев). 2. Бышык, чыйрак сүйлөө, тың, илбериңки кыймылдоо. *Тыкылдап сүйлөө. Үч-төрт келин Зуурага кол кабыш кылышып, тыкылдап жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

**ТЫКЫЛДАК** Чыйрак, бышык, тың, тык-тык эткен (киши жөнүндө). *Аңгыча болбой баягы кара тоголок тыкылдак бала маңдайыма келип калыптыр* (Шимеев).

**ТЫКЫЛДАТ тыкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫКЫЛДАШ тыкылда** этишинин кош мамилеси.

**ТЫКЫЛДОО тыкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫКЫР I** Шашылыш, кечиктирилбес, калтырылбас. *Таятам зарыл иштер жөнүндө өтө тыкыр учурларда бизге кабар берип турсун* (Жантөшев). *Тыкыр буйрук берилди.*

**ТЫКЫР II: тыкыр-тыкыр** Кандайдыр бир катуу нерселердин үстүнөн тык-тык этип, тырсылдап басып жүргөндөгүдөй чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Тыкыр-тыкыр этип басуу.*

**ТЫКЫРАЙ** Тыкан көрүнүштө болуу, жыйнактуу, татынакай болуп туруу. *Тыкырайган ак там.*

**ТЫКЫРЛА** Кандайдыр-бир кыймыл аракетти, ишти же планды аткарууну тездетүү, ылдамдатуу, жакындатуу, ыкчамдоо, шаштыруу.

**ТЫКЫРЛАТ тыкырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫКЫРЧЫКТА** Бирдемелерди бек кылуу, бекемдөө, катуу кылуу, бышыктоо, мыктылоо. *Тыкырчыктап байлоо.*

**ТЫКЫС** Кыска, коюу, сейрек эмес, калың, жыш, бекем. *Атты тыкыс байла.*

**ТЫКЫСТА** Тыкыс кылуу, кыска кылуу (бирдемелерди тыкыс кылып кармоо, кыска кылып байлоо).

**ТЫКЫЮУ тыкый** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫЛ** Фронт жүрүп жаткан линиянын арт жаккы территориясы, согушуп жаткан өлкөлөрдүн майдандан тышкаркы аймагы.

**ТЫМ I: тым-тым болуу** Унчукпай тынчып калуу, сөз, дуу-дуу, таралып бараткан кабар ж.б. басылуу, басылып калуу. *Үйдөгүлөрдүн бака-шакасы басылып, тым-тым болуп калышты* («Ала-Тоо»).

**ТЫМ II дым** менен бирдей.

**ТЫМ III тын** менен бирдей.

**ТЫМПЫГЫЙ** Ичинен тынган, ачылып сүйлөбөгөн, тымпыйган. *Тымпыгый кыз.*

**ТЫМПЫЙ I** Сүйлөбөй, сыр билгизбей, өз ичинде болуу, унчукпоо. *Назгүл далайга үнсүз, тилсиз тымпыйды* (Бейшеналиев). *Бирок канча тымпыйса да кыздын бул сыры энелерге маалым* (Сыдыкбеков).

**ТЫМПЫЙ II** Өз ара мелдешип алышып, белгилүү убакытка чейин сүйлөбөй, күлбөй, унчукпай олтуруп, жеңип алуу максаты болгон оюн.

**ТЫМПЫЙМА тымпый II** менен бирдей.

**ТЫМПЫЙТ тымпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫМПЫЙЫШ тымпый** этишинин кош мамилеси.

**ТЫМПЫЮУ тымпый** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫМТЫРАКАЙ: тымтыракайы чыгуу** Быт-чыты чыгуу, быт-чыт болуу, баш аламан түшүү.

**ТЫМТЫРС** Жымжырт, кулак-мурдун кескендей тыптынч. *Унтердин сөзүнө эч ким жооп кайтарган жок, эч нерсе болбогондой тымтырс шитеп жатышты* (Жантөшев). *Тамдын тегереги жан жүрбөгөндөй тымтырс* (Сыдыкбеков).

**ТЫМЫ дымы** менен бирдей.

**ТЫМЫЗЫН** Ачык эмес, алдыртан, жашырын, билинбестен. *Кыз тымызын үйдөн чыкты* (Сыдыкбеков). *Жолдун татаал жерлерин тосуп, тымызын аңдып жатышат* (Жантөшев).

**ТЫМЫЗЫНДЫК** Билинбестик, ачык эместик, жашыруундук.

**ТЫН I** Алган же чыгарган дем. *Тын алуу. Тын чыгаруу.*

**ТЫН II** 1. Дем алып, дем чыгаруу. *Ийнинен тынып улутунуу.* 2. Тынчуу, тынч алуу, жайлануу, эс алуу. *Салыктын көңүлү эми гана тынды* (Каимов). *Урушар бекен деп турган Батыйнанын санаасы тына түштү* (Убукеев). 3. Басылуу, бүтүү, жоктоо. *Ышкынаалынын качкандыгы жөнүндөгү уу-чуу айыл ичинде алиге тынган жок* (Байтемиров). 4. Жай алуу. Сеп алуу. *Уруя ыпылдап-шыпылдап жаны тынбайт* (Байтемиров).

**ТЫН III** Жан деген маанидe. *Тының болот өгөөнү, Кемпир уурдап алыптыр.*

**ТЫНАР** 1. Куштун абдан кыраан түрлөрүнүн бири. *Кара кашка тынар. Кызыл кашка тынар.* 2. *өт.* Жөлөк, таяныч. *Алгыр Төштүк тынарым, Кармашууга жоо таппай, Капа болуп турамын* («Эр Төштүк»).

**ТЫНДЫМ КЫЛУУ** Билгизбей, тымызын жок кылуу, көзүн тазалоо. *Алышам десе биз менен, Тындым кылып салалы* (фольк.). *Андайларды алдыртан киши жиберип тындым кылып салгыла* (Жантөшев).

**ТЫНДЫР** 1. **тын** этишинин аркылуу мамилеси. 2. өт. Аягына жеткире, көңүл жай болгудай кылып бүтүрүү, орундатуу. *Ички жумуштарды мен тындырып тургандык-*

*тан, атам тышкы иштер менен болду* (Жантөшев).

**ТЫНДЫРУУ тындыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНДЫРЫШ тындыр** этишинин кош мамилеси.

**ТЫНОО** Таноодон, мурундан чыккан жел. *Ал чакырайып кээде эшик жакты карап калганда таноолорунан буркураган тыноосу созолонуп, аздан абага сиңип жок боло берди* (Байтемиров).

**ТЫНТЫЙ** Кетирекей тартып, быйпыйган кебетеде болуу, быйпый мурундуу көрүнүштө болуу.

**ТЫНТЫК** 1. Топчу мурундуу. 2. Быйпыгый мурундуу, кетирекей, быйпык мурундуу.

**ТЫНУУ тын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНЧ** Уруш-талашы, ызы-чуусу, бака-шакасы жок, жымжырт, бейкут, ыңгайлуу. *Ай жарык, айлана тынч* (Убукеев). *Тынч алуу. Тынч жаткан эл. Басыгы тынч. Түн ичинде үн салып, Тынчыңды алдым чыр салып* (Калмырза). *Силерди ойлоп, Миң толгонуп, тынч ала албайм түнүндө* (Байгазиев).

**ТЫНЧСЫЗ** Тынчы кеткен, тынч тура албаган, жайлуу эмес, ыңгайсыз. *Бир жерде тура албаган, санаасы тынбаган тынчсыз адам экен* («Чалкан»). *Тынчсыз ээр. Жүрүшү тынчсыз ат.*

**ТЫНЧСЫЗДАН** Тынчы кетүү, ыңгайсыздануу, санаасы тынбоо, кабатыр болуу. *Мамбеткулдун тынчсызданганын Мамбет сезди* (Каимов). *Жакып Бейшекенин келишине тынчсызданды* (Бейшеналиев).

**ТЫНЧСЫЗДАНТ тынчсыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫНЧСЫЗДАНУУ тынчсыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНЧСЫЗДАНЫШ тынчсыздан** этишинин кош мамилеси.

**ТЫНЧСЫЗДЫК** Тынчы жоктук, жайлуу эместик, ыңгайсыздык. *Анын үстүнө арабанын тынчсыздыгы адебибизди берди белем!* («Ала-Тоо»).

**ТЫНЧТА** Ыңгайлуу, жайлуу шарт түзүү, тынч болгудай абалга келтирүү. *Алдыңа тынчтап, байбиче, Аюудан талпак салгам деп* («Эр Табылды»).

**ТЫНЧТАЛ тынчтан** менен бирдей.

**ТЫНЧТАН** Тынч алуу, жайлануу. *Кары тынчтанып алып, ага жалынып-жалбарып коюп, эки жакка карай отурду* (Сыдыкбеков).

**ТЫНЧТАНТ тынчтан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫНЧТАНУУ тынчтан** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНЧТЫК** 1. Жымжырттык, ызы-чуу жоктук, бейкуттук, согуш жок тынч абал, чыр-чатаксыз тынч абалда жашагандык. *Үйдүн ичине тынчтык өкүм сүрө баштады* (Жантөшев). *Табийгаттын бардык көрүнүшү тынчтыкта* (Жантөшев). *Тынчтык согушту жеңет. Бүткүл дүйнөнүн элдери тынчтыкты каалайт. Бүткүл элге тынчтык керек!* (Жакиев).2. Мамлекеттер ортосунда согуш, куралдуу аракеттер болбогон, жайынча абал. 3. Согуш аракеттерин толук токтотуу жөнүндөгү согушуп жаткан жактардын ортосундагы келишим. *Тынчтык келишимин түзүү.*

**ТЫНЧУУ тынчы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНЧЧЫЛЫК тынчтык** менен бирдей.

**ТЫНЧЫ** Тынчтануу, тынчып калуу, тынч алуу, жайлануу, басылуу. *Токтосоң боло тынчып жай, Сүйбөйсүң неге туруктуу* (Токомбаев).

**ТЫНЧЫТ тынчы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫНЧЫШ тынчы** этишинин кош мамилеси.

**ТЫНЫГУУ тынык** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНЫК** Тынч алуу, жайлануу, эс алуу. *Кыныккан киши тыныкпайт* (макал).

**ТЫНЫКТЫР тынык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫНЫМ** 1. Дем чыгарып, дем алган убакыт, бир аз убакыт. *Бир тынымга үй ичи жымжырт боло түштү* (Сыдыкбеков). 2. Эс алуу, тынч алган абал. *Канымбүбү иштөөнүн да, тыным алып көңүл сергитүүнүн да ыгын сонун биле турган* («Ала-Тоо»). 3. *муз.* Музыкалык чыгарманын бир же бир нече үнүнүн белгилүү бир убакытка токтоп, тыным алышы.

**ТЫНЫМСЫЗ** Тынымы жок, үзгүлтүк-сүз, токтолбостон. *Кийинки жылдарда малдын өндүрүмдүүлүгү тынымсыз өсүп жатат* («Ала-Тоо»). *Жамгыр тынымсыз дыбыроодо* (Элебаев).

**ТЫНЫШ I** Дем алыш, тыным.

**ТЫНЫШ II тын** этишинин кош мамилеси.

**ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ** Жазууда колдонулуучу *чекит, үтүр, сызыкча* ж.б. белгилер.

**ТЫҢ** 1 Жүргөн-турганы, кыймыл-аракети шамдагай, тыкан, чыйрак. *Тың чал. Басканы тың. Минген аты тың. Оокаты тың. Кийим-башы тың.*

**ТЫҢ II тыңы** менен бирдей.

**ТЫҢГЫЛЫК: тыңгылыгы жок** Тыңгылыктуу эмес, тыңгылыктуу бүтпөгөн. *Тыңгылыгы жок иш.*

**ТЫҢГЫЛЫКСЫЗ** Тыңгылыктуу эмес, ишенимдүү эмес, түзүк, көңүл жай алгыдай эмес. *Тыңгылыксыз бүткөн иш.*

**ТЫҢГЫЛЫКТУУ** Ишенимдүү, көңүлгө толорлук, көңүл жай аларлык, тыңдуу, түзүк. *Тыңгылыктуу иш кылуу. Тыңгылыктуу сүйлөө.*

**ТЫНДА I** Тың, түзүк абалга келтирүү, түзүктөө. *Кийим-кечесин тыңдап алуу. Тыңдап оокат кылуу.*

**ТЫНДА II тыңша** менен бирдей.

**ТЫНДАН тында I** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЫНДАТ тында I** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫНДАШ тында** этишинин кош мамилеси.

**ТЫНДОО тында I** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНДУУ** Түзүк, тың, көңүл тынарлык, тынгылыктуу. *Тыңдуу сүйлөй албоо.*

**ТЫНДУУСУ тыңдуусун** менен бирдей.

**ТЫНДУУСУН** Өзүн тыңыраак, мыктыраак көрсөтүүгө аракет кылуу, тыңсынуу. *Тыңдуусунуп бой көтөрүү.*

**ТЫНДУУСУНТ тыңдуусун** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫНДУУСУНУУ тыңдуусун** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫҢКЫГЫЙ** Кичирээк келип, тыгырчык тарткан, дыңкыйган, тыңкыйып көрүнгөн, дыңкыйып тоотпогон.

**ТЫҢКЫЙ дыңкый** менен бирдей.

**ТЫҢСАГУУ тыңсынуу** менен бирдей.

**ТЫҢСАК тыңсын** менен бирдей.

**ТЫҢСЫН** Мыктысынуу, өзүн тыкыраак, мыктыраак көрсөтүүгө аракет кылуу. *Жеңиш өзү теңдүү баланын кеңешин тыңсынып айткандай сезди* («Кыргызстан маданияты»).

**ТЫҢСЫНТ тыңсын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫҢСЫНУУ тыңсын** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫҢСЫНЫШ тыңсын** этишинин кош мамилеси.

**ТЫҢУУ тыңы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫҢЧЫ** Жашырын, андып сөз угуучу, артынан көз салып жүрүүчү. *Бул биздин арабызда жүргөн тыңчы* (Жантөшев). *Тыңчылар лакылдап туш-тушка таркашты* (Сасыкбаев). *Айтса кепти шыбырап, Алыстан уккан тыңчы бар* («Манас»).

**ТЫҢЧЫЛЫК** Тыңчыга таандык милдеттер, тыңчынын иштери.

**ТЫҢША** Кунт коюп угуу, жакшылап угууга аракеттенип кулак салуу. *Жолдоштору аңгеме айтса, жан-дили менен тыңшайт* (Жантөшев). *Ал сөзүн тыңшап турган. Карабекти көргөн жок* (Жантөшев). *Экөө тең элеңдеше эки жактан табыш тыңшашты* (Жантөшев). *Булбулун тыңшап булактуу шактын, Булутун тиктеп түбүндө жаттым* (Кулумбаев).

**ТЫҢШАГАНСЫ** Угуп жаткансып көрүнүү, тыңшап жаткансып сезилүү, тыңшагандай болуу.

**ТЫҢШАТ тыңша** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫҢШАШ тыңша** этишинин кош мамилеси.

**ТЫҢШОО тыңша** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫҢЫ** Тың, бышык боло баштоо, оңолуп ден соолугу жакшыра баштоо, күчүнө келүү, күч алуу. *Тайлар мурункусунан көрө бир аз тыңып калышкан* (Баялинов).

**ТЫҢЫТ тыңы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫП I** Тамчынын тамганындай же ошол сыяктуу жумшак чыккан кыска дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Камканын мончок-мончок кеткен ысык жашы, кофтасынын жеңине тып-тып тамды* (Сыдыкбеков).

**ТЫП II** Сын атоочтун тыптырмактай, тыптынч, тыптыкыс сыяктуу күчөтмө даражасын түзөт.

**ТЫП БАСЫЛУУ** *же* **ТЫП ТОКТОО** Дароо басылуу, дароо токтоо.

**ТЫПТЫЙПЫЛ** Таптакыр, тыйпыл, бүт бойдон. *Канаттуулар да тыптыйпыл кырылып калгандай жымжырт* (Жантөшев). *Бактарды тыптыйпыл кылып кыйып кетишкен* (Бөкөнбаев).

**ТЫПЫЙ** Кичинекей, чакан, жыйнактуу көрүнүштө болуу. *Аста басып кыпыйып, Ак кептердей тыпыйып* (Тоголок Молдо). *Кара ботинка тыпыйган бутуна куюлушуп калды* (Каимов).

**ТЫПЫЛДА** 1. Тып-тып этүү (мис. тамчы, көз жаш). *Батыштын көз жаштары тынымсыз шорголоп, алдындагы талпакка тыпылдап тамып жатат* (Байтемиров). 2. Кичинекей, чакан, жыйнак көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу. *Тыпылдаган бышык кыз.*

**ТЫПЫЛДАТ тыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫПЫЛДОО тыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫПЫН** Абдан майдаланган топон, абдан майда ыпыр-сыпыр, жанчылып же майдаланган жумшак бөлүкчөлөр. *Сакалчан киши калпагынын кыруусуна туруп калган тыпынды какты* (Жантөшев). *Турбуев көмүр тыпындарынын үстүнө келип, малдаш токунуп отурду* (Сасыкбаев).

**ТЫПЫР: тыпыр-тыпыр** Тез-тез, башаламан чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ТЫПЫРА** Тыпыр-тыпыр дабыш чыгуу. *Тыпыраган калың дабыш.*

**ТЫПЫРАТ тыпыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫПЫРАШ тыпыра** этишинин кош мамилеси.

**ТЫР: тыр жылаңач** *же* **тырдай жылаңач** Энеден туума, таптакыр жылаңач.

**ТЫРАЙ** Колу-буту тартипсиз сунулган, серейген абалда болуу. *Бет алгандын баарысы, Аттан түштү тырайып* («Манас»).

**ТЫРАЙКЕ** *сүйл. туурасы:* **трико.**

**ТЫРАЙТ тырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРАКТА** 1. Эби-сыны жок тырандап оюн салуу. 2. Обу жок чойрондоо, негизсиз, обу жок асыла сүйлөө, тантыроо.

**ТЫРАКТАТ тыракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРАКТОО тыракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРАЛА** Ачууланууу, ачуусу келүү, табалагансып жооп берүү, ыза көргөнсүп, таарыныч кылгансып жооп кайтаруу. *Демек Кадыбек Бекти көрө албагандыктан тыралады деп шекшинүүгө негиз жок* (Каимов).

**ТЫРАЛАТ тырала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРАЛОО тырала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРАҢДА** 1. Буттарын эпсиз сербелеңдеткен, тырбаңдаган кыймыл-аракетте болуу. 2. Обу жок асылуу. Ичи тардык кылып же негизсиз тантыроо.

**ТЫРАҢДАТ тыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРАҢДОО тыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРАШМАҢКЕ** *эск.* Киши отурууга ылайыкталып жасалган төрт дөңгөлөктүү үстү ачык жеңил араба.

**ТЫРБАЛАҢДА** Күчү жетпеген, колунан келбеген ишти иштөөгө тырышып, асылуу, аракеттенүү (арык, кичиие кишилер жөнүндө).

**ТЫРБАЛАҢДАТ тырбалаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРБАЛАҢДОО тырбалаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРБЫГЫЙ** Абдан арык, катыңкы, тырбайган. *Тырбыгый бала.*

**ТЫРБЫЙ** Тыртайып абдан арык, кичинекей көрүнүштө болуу.

**ТЫРБЫЙТ тырбый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРБЫҢДА тыртыңда** менен бирдей.

**ТЫРБЫТ** *диал.* Ич алдыруу максатында элдик медицинада пайдалануучу өсүмдүк.

**ТЫРЖЫЙ** Абдан арык абалда, бырышкан-тырышкан көрүнүштө болуу. *Тыржыйган чал.*

**ТЫРЖЫЙТ тыржый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРКЫЛДА** Катуу-катуу күлүү, бир нерсеге боору эзилип, обу жоктонуп күлүү, тырк-тырк этип күлүү. *Тыркылдап күлө баштоо.*

**ТЫРМА** 1. Тырмак менен тытып алуу, кашуу. *Кичинекей жараны, Чукуп, тырмап ырбатпа* (Осмонкул). *Кайра-кайра тыттырып, Андай бетин тырматкан* (Тоголок Молдо). 2. Тырмоо менен жыюу, тырмоо тартуу. *Чөптү тырмап чогултуу.*

**ТЫРМААК** Тырмап алгыч. *Жаман кыз тырмаак болот* (макал).

**ТЫРМАК** 1. Колу-буттун манжаларынын учундагы мүйүз сыяктуу бөлүгү. 2. Тырмоок.

**ТЫРМАК АЛДЫ** Эң биринчиси, алгачкысы. *Менин тырмак алдым ушул, апа, чайды кайнатып ичип коюңуз.* **В.: Тырмак асты.** *Тырмак асты эмгеги. Тырмак астым ушул.*

**ТЫРМАК ТЕР** Өз эмгеги, накта эмгеги. *Өпмөк тургай курган атанын тырмак тери тапкан соолук койго алынган сөйкөнү эшикке ыргыткан* (Сыдыкбеков).

**ТЫРМАКСЫЗ** Тырмагы жок, тырмагы өткүр, курч болбогон, тырмагы менен ала албаган. *Куркулдашкан кузгун менен жору бар, Куштун мындай тырмаксыздан кору бар* (Бөлөбалаев).

**ТЫРМАКТА** Тырмагын батыруу. *Казанчы суурду мыжыккан аюудай болуп, Үкөйдү жулмалап тырмактап батырат* (Токомбаев).

**ТЫРМАКТАЙ** Кичинекей, кенедей. *Тырмактай бала. Тырмактай жер.*

**ТЫРМАКТАТ тырмакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРМАКТОО тырмакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРМАКТУУ** 1. Тырмагы бар. 2. *өт.* Жырткыч, зулум. *Төштүк бизге хан болсо, Бармактуулар батабы, Тырмактуулар тиеби* («Эр Төштүк»).

**ТЫРМАКТЫН АГЫНДАЙ** Кичинекей, тырмактай, кенедей. *Тырмактын агындай жумушу бүтпөйт. Тырмактын агындай эч нерсе чыкпайт.*

**ТЫРМАКЧА** Бөтөн сөздөрдү, цитаталарды, аталыштарды, ошондой эле шарттуу түрдө алынган же какшыктоо иретинде колдонулган сөздөрдү белгилеп көрсөтүү үчүн алынган жазуу белгиси.

**ТЫРМАЛ тырма** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫРМАЛА** Тырмоо.

**ТЫРМАЛАҢДА** 1. **тырбалаңда** менен бирдей. 2. *өт.* Тырмышып аракет кылуу.

**ТЫРМАЛАТ тырмала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРМАЛАШ тырмала** этишинин кош мамилеси.

**ТЫРМАЛОО тырмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРМАН тырма** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЫРМАТ тырма** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРМАШ тырма** этишинин кош мамилеси.

**ТЫРМОО I** 1. Тырмооч. *Тырмоо алып болбол деп Дорбо жүрдү чаңкылдап* (Осмонкул). 2. *диал.* Мала. *Темир тырмоо.*

**ТЫРМОО II тырма** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРМООК** *диал.* Мала.

**ТЫРМООЧ** Узун саптуу жыгачка туурасынан ашталган арсак-арсак тиштүү эмгек куралы. *Тырмооч менен чөп, куурайды жана ушуга окшогон нерселерди чогултат. Кол тырмооч, жыгач күрөк ушу кишинин Касымдын гана колунан чыгат* (Таштемиров). 2. Чөп жыюу үчүн колдонулуучу курал. *Тракторго чиркелген чөп чапкыч машина менен кечээ чабылса, бүгүн экинчи трактор тырмооч менен түрмөктөй баштайт* (Таштемиров).

**ТЫРМЫШ** Өйдө чыгууга же асылып жармашып турган жеринен түшүп кетпеске аракет кылуу, тырыша жармашуу. *Жамал асканын башына карай тырмышып чыгып баратат* (Жантөшев). 2. Бардык күчүн жумшап аракет кылуу, тырышчаактык менен аракеттенүү, тырышуу. *Тырмышып иштөө. Тырмышып жүрүп, алдынкы окуучулардын катарына кошулду.*

**ТЫРМЫШУУ тырмыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРП I: тырп этпөө** Кыймылдабоо, козголбоо. *Атам менен энем тырп этей уктоо менен болушту* (Жантөшев). *Чагылган сындуу күчүңдөн, Тырп этпей душман кырылсын* (Бөкөнбаев).

**ТЫРП II: тырпы калбоо** Эч нерсеси, эчтемеси калбоо. *Байкуштардын эч бир тырпы калбады.*

**ТЫРПЫ** *диал.* Чөбөгө.

**ТЫРПЫ ТҮГӨНҮҮ** Абдан чарчоо, шайы кетүү, шалдыроо. *Шайы ооп, тырпы түгөндү.*

**ТЫРПЫ ТЫШЫНА АЙЛАНУУ** Ачуусу келүү, каардануу, заарын чачуу. *Ал кудай ургандын тырпы тышына тим эле айланып турат.*

**ТЫРПЫРА** Бырпыроо. *Бутак-тагы чымчыктар учуп чыкты тырпырап* (Токомбаев).

**ТЫРПЫРАТ тырпыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРПЫРОО тырпыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРС: тырс-тырс** Бир нерсени черткендеп, акырын каккандан ж.б. чыккан сыяктуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Эшик акырындык менен тырс-тырс кагылды* («Кыргызстан маданияты»). *Өзү тырс-тырс ылдамдай басып, узап кетти* (Сыдыкбеков).

**ТЫРСЫЙ** Чытырап, чыңалып толуп турган көрүнүштө болуу (мис. баштыкча, бет). *Айымбача мөөндүн түюк учу сымал тырсыйган* (Жантөшев).

**ТЫРСЫЙТ тырсый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРСЫЛДА** 1. Тырс-тырс эткен дабыш чыгуу. *Чотун урган сайын, Акиясынын тырсылдап басканын эстеп турат* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Чыйрак, тыкылдаган тың кыймыл-аракетте болуу, тыкылдап бышык сүйлөө. *Кана, теке, – деди Акия кетирекей тырсылдап* (Сыдыкбеков). *Тырсылдаган мындай да чыйрак кыз болобу* (Сасыкбаев).

**ТЫРСЫЛДАТ тырсылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРСЫЛДОО тырсылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРТАЙ** Тырбайып абдан арык көрүнүштө болуу. *Тыртайган арык бала.*

**ТЫРТАЙТ тыртай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРТАКТА тыртаңда** менен бирдей.

**ТЫРТАҢДА** 1. Күчү жетпеген ишти иштөөгө аракет кылуу (тыртайган, арык кишилер жөнүндө). 2. *өт.* Колунан келбеген ишке асылуу.

**ТЫРТАҢДАТ тыртаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРТАҢДОО тыртаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРТЫЙ** 1. Жактырбаган, сүйбөгөн мүнөз көрсөтүп, тырыша түшүү, кабак-башын чытып бырыштыруу. *Жактырбагансып тыртыя түштү.* 2. Бырышып-тырышкансып тар өңдөнүү, кыска көрүнүү. *Тыртыйган көйнөк.*

**ТЫРТЫЙТ тыртый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРТЫК** 1. Абдан бырыш-тырыш, бырык-тырыгы бар, жарадан ж.б. бузулган (көбүнчө бет жөнүндө). 2. Тырык.

**ТЫРТЫЮУ тыртый** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРЧУУ тырчы** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРЧЫ I тырчы аркан** Чийненин үстүндөгү бирдемелерди таңуу үчүн колдонулуучу аркан.

**ТЫРЧЫ II** Кабагын салуу, жактырбоо, жактырбай ачуусу келген мүнөз көрсөтүү. *Болбогон кепти айтасың да, – деди Гаврилов тырчып* (Сасыкбаев).

**ТЫРЫК** Кесип кетүүдөн, ок тийүүдөн, жарадан ж.б. жакшы бүтпөй калган из, так. *Иса бир көзү тырык тыңчысын жемелеп, эң катуу сурады* (Сасыкбаев).

**ТЫРЫЛДА** Трактордун жүргөнүнөн, пулеметтун атылганынан ж.б. чыккан сыяктуу дабыш чыгуу, тытыраган үн чыгуу.

**ТЫРЫЛДАТ тырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРЫҢДА** Обу-жок, куру бекер эле ырың-тырың этүү, кыжыңдоо, тыртыңдап чыргоолонуу, жалынып жалбарып суроо.

**ТЫРЫҢДАТ тырыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРЫҢДОО тырыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРЫШ I** Бырыш. *Көздөрүнүн алдына бир аз тырыш кирген.*

**ТЫРЫШ II** 1. Карышуу, бырышып, жыйрылган абалга келүү. *Колдору тыры-*

*шып калуу. Бети-башы тырышкан чал.* 2. Ынтаасын, кунтун коюп аракет кылуу, билүүгө, максатына жетүүгө умтулуу. *Сен азыр жашсың, бардык өнөрдү үйрөнүүгө тырыш, балам!* (Жантөшев).

**ТЫРЫШКАК** 1. Тырышчаак, куруша калма, курушчаак. *Ач киши урушчаак, арык кой тырышкаак* (макал). 2. *диал.* Жыгачтын аты.

**ТЫРЫШМА** Тырыша калма, курушуп-тырыша калма.

**ТЫРЫШТЫР** **тырыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫРЫШУУ** **тырыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫРЫШЧААК** Билүүгө, максатына жетүүгө аракети күчтүү, умтулган, тырышып аракет кылган. *Тырышчаак окуучу. Тырышчаак бала.*

**ТЫРЫШЧААКТЫК** Тырышып жүрүп билүүгө, өздөштүрүүгө аракет кылуучулук, тырышчаак болуучулук. *Адыл зээндүү тырышчаактыгы аркасында илимди тез өздөштүрдү* (Сыдыкбеков).

**ТЫРЫШЫШ** **тырыш** этишинин кош мамилеси.

**ТЫСЫРАЙ** Тырсыйып чытыраган абалда, тасырайып чыңалган абалда болуу. *Сапарбек тысырая буулган чаканыраак баштыкты көтөрүп, анын артынан басышты* (Бөкөнбаев).

**ТЫСЫРАЙТ** **тысырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫТ I** Жалбырагы менен жибек курту тамактанчу жыгач жана анын мөмөсү. *Жибектер кайдан болот, тыт болбосо* (Барпы).

**ТЫТ II** 1. Туш келди барчалап айруу, жыртуу. *Арманга күйгөн Байыр үстүндөгү кийимин тытып, өксүп-өксүп ыйлады* (Баялинов). *Кагазды тытты.* Айра тартуу (мис. тырмак менен). *Чыңырып Айымбүбү бетин тытты* (Үмөталиев). 2. Жүндү, кебезди кол менен бири-биринен ажыратып, майдалап созуу. *Сакадай Эркинге шым согуп берүү үчүн, төрдө жүн тытып отурган* (Жантөшев).

**ТЫТАЛА** 1. Тыткылоо, тытмалоо. 2. *өт.* Талоо, туш-туштан асылуу, жармашуу.

**ТЫТАЛАН** **тытала** этишинин өздүк мамилеси.

**ТЫТАЛАШ** **тытала** этишинин кош мамилеси.

**ТЫТАЛОО** **тытала** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫТКЫЗ** **тыттыр** менен бирдей.

**ТЫТКЫЛА** 1. Абдан тытуу. *Ал тарбайган колдору менен кемпирдин кийимдерин тыткылайт* (Токомбаев). 2. Талоо, таламайга алуу, туш-тушунан асылуу. *Бай-болушуң тыткылап, Бар малыңды саттырат* (Токтогул).

**ТЫТКЫЛАТ** **тыткыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫТКЫЛАШ** **тыткыла** этишинин кош мамилеси.

**ТЫТКЫЛОО** **тыткыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫТМА: тытма сакал** Быжыгыр коюу сакал.

**ТЫТМАЛА** **тытала** менен бирдей.

**ТЫТТЫР** **тыт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫТУУ** **тыт** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫТЫК** Тамтыгы кеткен, тытылган, айрык, жыртылган, жыртык. *Тогуздагы тестиер уулуна эчтеке жетпей, тытык кемселчен гана бүрүшүп отурат* (Айтматов).

**ТЫТЫЛ** **тыт** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫТЫН** 1. **тыт** этишинин өздүк мамилеси. 2. *өт.* Жанталашып оокат кылуу. *Тытынып жүрүп эле өмүрүм өтүп кетмей болду деп наалыгандар көбөйдү* («Агым»). 3. *сүйл.* Ичи таруу. *Сыйлык алганымды көрө албай тытынгандар толтура* («Чалкан»).

**ТЫТЫРА** 1. Пулёмоттун, мылтыктын ж.б. атылгандагыдай татыраган үн чыгаруу, татыроо, тарсылдоо. *Пулемёт, автоматтар тытырап, мылтыктар тарсылдайт* (Жантөшев). 2. Айрыла баштоо, ыдырап сөгүлүү, сөгүлө баштоо. *Кийими тытырап айрылуу.*

**ТЫТЫРАТ** **тытыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫТЫРЛА** **тытыра** менен бирдей.

**ТЫТЫШ** **тыт** этишинин кош мамилеси.

**ТЫШ** 1. Үйдүн же кандайдыр бир нерсенин сырткы катмары, сырткы бети, сырткы бөлүгү. *Үйдүн ичи-тышын актап, үй ичин таза күтүштү* (Сыдыкбеков). 2. Эшик тарап, көчө жак, короо жак. 3. Бөлөк-бөтөн, башка, чоочун бирөө. *Тыш кишиге «чыргоо» жеңе сыр бербейт* (Убукеев).

**ТЫШКАРЫ** Сырткары, бөлөк, башка. *Жыргал үйүн тургуздук, Жокчулук калды тышкары* (Үмөталиев). *Пландан тышкары аткарылган жумуштар.*

**ТЫШКЫ** Сырткы, сырт жактагы, тыш жактагы, ич арадагы эмес. *Аңгыча болбой тышкы дарбаза такылдады* (Жантөшев). *Тышкы иштер. Тышкы соода.*

**ТЫШТА** Кийимдин сыртын жасоо, тыш каптоо. *Ичин суусар ичтетип, Тышын буулум тыштатып* («Манас»). *Китеп тыштады. Дептер тыштады.*

**ТЫШТАЛ** **тышта** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫШТАТ** **тышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫШТОО** **тышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫШТУУ** 1. Тышталган, сырты бар. *Нооту тыштуу ичик. Калың тыштуу китеп.* 2. Семиз. *Тыштуу кабырга.*

**ТЫЮУ тый** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЫЯК** Тиги жак, тигил тарап, тияк.

**ТЫЯНАК** 1. Белгилүү бир ойдун, айтылган сөздүн, иштин жыйынтыгы, корутунду. *Биздин сөзүбүздүн тыянагы, экөөбүз тең окууга баруу жөнүндө убадалаштык* (Каимов). 2. Кандайдыр бир иштин, ж.б. акыркы бөлүгү, акыры. *Айыптоо тыянагы. Диссертациянын тыянагы. Доктурдун тыянагы.*

**ТЫЯНАКТА** Жыйынтык чыгаруу, корутунду чыгаруу.

**ТЫЯНАКТАЛ тыянакта** этишинин туюк мамилеси.

**ТЫЯНАКТАТ тыянакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЫЯНАКТОО тыянакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЬЮТОР** *пед.* Окуучулардын сабактан тышкары окуу жана чыгармачылык ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашыруучу мугалим.

**ТЭ** «Т» тамгасынын аталышы.

**ТЭЭ** 1. Алыстагы бир нерсени, алысты көрсөтүү, билдирүү үчүн колдонулат. *Тээ чокуда. Тээ тиги жерде. Кошулсаң болмок тээ тоодон, Дарыя боло электе* (Маматова). 2. Тактоо, аныктоо маанисин билдирүү үчүн колдонулат. *Тээ береги Өзөндөгү станция, Мен да ошону жүргүзүүнү билемин* (Маликов).

**ТЭЭЖИК** Кежир, тил албас, сөз жебеген. *Ушундай тээжик кишинин кызматын кылууга бекер кабылган экенмин деген ой Көкөнүн көңүлүнө кылт эте түштү* (Жантөшев).

**ТЭЭЖИКТЕН** 1. Кежирленүү, кежирлик кылуу, тээжиктик кылуу, кашайып туруп алуу. 2. Тил албас, кежир, эпке келбеген, ыкка көнбөгөн, көк, өзүнүкүн бербеген. *Ушундай тээжик кишинин кызматын кылууга бекер кабылган экенмин деген ой Көкөнүн көңүлүнө кылт эте түштү* (Жантөшев).

**ТЭЭЖИКТЕНҮҮ тээжиктен** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЭЭЖИКТИК** Кежирлик, тил албастык.

**ТЭЭК I** 1. Чыктага өткөрүп, илиштирип коюу үчүн ылайыкталып жасалган кичинекей туура жыгач, таякча. 2. Тепке. *Асан карыя комузунун тээгин саал жогору жылдырып койду* (Токомбаев). 3. Эшикти бекитүү үчүн колдонулуучу илгич, көзөнөккө өткөрүп бекитип коюучу бөлүгү. *Тээгин бекитүү. Тээгин чыгаруу.* 4. *өт.* Тирек, таяныч, жөлөк, караан.

**ТЭЭК II** *аңч.* 1. Капкан салганда серпүүрдү тээктелген абалда кармап туруу үчүн жыгачтан жасалган капкандын тетиги. 2. Куштун, бүркүттүн бутуна тагылуучу чолок боо менен узун боону бириктирүүчү ай сымак жыгач.

**ТЭЭКТЕ** 1. Тээк коюу, тээкти өткөрүү. 2. Жипти ж.б. толгоп буроодо тээкти, таякчаны колдонуу.

**ТЭЭКТЕЛ тээкте** этишинин туюк мамилеси.

**ТЭЭКТЕТ тээкте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ТЭЭКТЕШ тээкте** этишинин кош мамилеси.

**ТЭЭКТӨӨ тээкте** этишинин кыймыл атоочу.

**ТЭЭЛЕ тейле** менен бирдей.

**ТЮЛЕНЬ** Сууда сүзүп жүрүүгө ылайыкталып кеткен (ласт буттуу) сүт эмүүчү деңиз жаныбары.

**ТЮЛЬ** Көбүнчө гүл түшүрүлүп жасалган жука, тордомо кездеме.

# У

**УБА: убап-чубап** *же* **убай-чубай** Биринин артынан бири келген абалда, удаалап, илээше келген абалда. *Паровоз өтүп жатат убап-чубап, Тиктесең чаман келбей көзүң тунат* (Турусбеков). *Бара көрөлү дешип, эл убай-чубай Илебайдын үйүн курчай берди* («Чалкан»). *Эл убай-чубай кызыл үйгө келишти* (Баялинов).

**УБАА убай I** менен бирдей.

**УБАА ЖЕ** Бир нерсеге абдан өкүнүү, убайым тартып, сары санаа боло берүү. *Бир өз энеси Бурма, бир сырдаш Төрө гана билет, «сары ооругу болду кайран балам» деп, эне жүрөгү тымызын убаа жейт* (Касымбеков). *Өткөн кылымдагы Музооке бабасына манаптар убаа жедирип кордогонун, эми андай кордукту өзү тартканын, тагдырдын окшоштугу дейби же кандайча жоруйт* (Бейшеналиев).

**УБААЖЫ** Себеп, далил, шылтоо, жөн-жай. *Эл көрбөгөн бөлөк эл, Эр Бокмурун жыйган деп, Убаажысын айтышып, Убараны тартышып* («Манас»).

**УБААЛЫ** 1. Касиеттүү, кереметтүү, кудайга жакын. 2. Көзү ачык. 3. Диндин айтканы менен жүрө турган киши.

**УБАГЫНЧА** Убактылуу, убактысынча, белгилүү мезгилге чейин, түбөлүктүү эмес.

**УБАДА** Бир ишти аткаруу үчүн берилген сөз, шерт. *Жумушчулардын сөзү, убадасы иштен ажырабайт* (Сасыкбаев). *Бирге кетүү үчүн украиналык кыздарга убада берди* (Сасыкбаев). *Тике туруп кол койдук, Убададан тайбаска* (Осмонкул).

**УБАДАЛАШ** Бири-бирине убада берүү, кандайдыр бир ишти аткарууга сөз байлашып убада кылуу. *Өткөн жылы келгенинде Турумбек экөө убадалашып кетти дешкен* (Сыдыкбеков)

**УБАДАЛАШТЫР убадалаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УБАДАЛАШУУ убадалаш** этишинин кыймыл атоочу.

**УБАДАЛУУ** 1. Айткан сөзгө туруктуу, убадага бек. *Убадалуу жигит. Калтаарыбас кайраты бар жүрөктө, Ар-намыстуу, убадалуу мүнөздө* (Нуркамал). 2. Убадалашкан, макулдашылган, убада берилген. *Убадалуу күн күтүп, Шайма-шай болуп жаткыла* («Мендирман»). *Убадалуу сөздөрдү сүйлөшүп, тилектеш достор эки бөлүнүштү* (Жантөшев).

**УБАДАСЫЗ** Убадалашкан сөзгө, макулдашылган сөзгө туруктуу эмес, убадасында турбаган. *Убадасыз кишиден, жүрүп кеткен жел артык* (макал).

**УБАЙ I** Убайым, кайгы, капа. *Кандайдыр терең убай менен Айнагүл үшкүрдү* (Жантөшев). *Убайда калуу. Убайым тартуу.*

**УБАЙ II** Жакшылык, пайдалуу натыйжа, жыргал, иштин үзүрү. *Күрөштүн көрүп убайын, Күн тийди батпас айлыңа* (Бөкөнбаев). *Адамдын көркү адал эмгек, Убара тартып убайын көрмөк* (Шүкүрбеков).

**УБАЙ III** Курутту эзип жасаган суусундук.

**УБАЙЛУУ** 1. Жакшы натыйжалуу, пайдалуу, үзүрлүү. *Убайлуу энем Каныкей, Улаган эрге канатын* («Манас»). 2. Кайгылуу, капалуу, саналуу.

**УБАЙЫМ** Кайгы, капа, санааркоочулук, тынчы кетүүчүлүк. *Санаа саргайтат, убайым картайтат* (макал). *Мунун да мээримдүү жүзүндө ой терeңдеп, убайым басыптыр* (Ауэзов). *Кемпирдин кейпи аянычтуу, көкүрөгүндө кандайдыр айыкпас оору, убайымы бардай* (Касымбеков). *Убайым тартып кыйналам, Укпасам бир пас кабарың* (Алмазбеков).

**УБАЙЫМДА** Кайгы тартуу, капалануу, санаа тартуу. *Убайымдап бекерге отургандан не пайда?* (Осмонкул).

**УБАЙЫМДУУ** Кайгылуу, капалуу, санаалуу. *Ортодо олтурган эң картаң кемпир убайымдуу киши го* (Сыдыкбеков).

**УБАЙЫМСЫЗ** Кайгы-капасыз, бейкапар.

**УБАЙЫМЧЫЛ** Кайгычыл, капачыл, санааркай бере турган. *Жумагүл сөзмөр, датчыл, убайымчыл экен* («Ала-Тоо»).

**УБАК I убакыт, мезгил** менен бирдей. *Күн кайсы убак болду? Толукшуган жайдын убагы.*

**УБАК II** Күкүмдөлгөн, үбөлөнүп майдаланган, талкаланган, бүртүктүү, абдан майда.

**УБАКТЫ убакыт** менен бирдей.

**УБАКТЫЛУУ** Белгилүү мезгилге чейин, убактысынча, түбөлүктүү эмес. *Жапаркул убактылуу ферма башчысы* (Жантөшев). *Ашыр кенде турак үйү жоктуктан шахтада убактылуу бой туруп калган* (Сасыкбаев).

**УБАКТЫНЧА** Белгилүү бир мезгилге чейин, убактылуу, белгилүү бир мөөнөткө чейин. *Убактынча иштөө. Убактынча тура туруу.*

**УБАКТЫСЫЗ** Өз учурунда эмес, беймаал. *Убактысыз атылган замбирек уңу элдин бардыгын таңдандырды* (Жантөшев).

**УБАКТЫСЫНЧА убактынча** менен бирдей.

**УБАКЫТ** 1. Мезгил, учур, маал, мөөнөт. *Убакыт өтсө бекерге, Аны кайдан табабыз* (Үмөталиев). *Белгиленген убакыт да жетти* (Тоголок Молдо). *Убакыт болсо – эрте бешим* (Жантөшев). 2. *сүйл.* Саат. *Убакытың канча болду?*

**УБАКЫТ ТЕҢДЕМЕСИ** Чыныгы күн убактысы менен орточо күн убактысынын ортосундагы айырма.

**УБАЛ** 1. Күнөө, бирөөнү жапа чектиргендиги, бирөөгө залакасын тийгизгенди, туура эмес иш үчүн жоопкерчилик. *Күнөөсүз журтту кырсаңыз, Убалы менин мойнумда* («Манас»). *Дос кишиңди кас көрүп, Убалга бөөдө калбагын* («Манас»). 2. Аянычтуу абал, кыйын, оор абал, жапа чегип, кыйынчылыкка туш келүүчүлүк. *Энем байкушка убал болуп кетти, жалынып-жалбарып түн уйкусун коюп, менин жанымда* («Ала-Тоо»). *А дегенде орун тар келип, кысылышып, артыкча тиги үч адамга убал болду* (Сыдыкбеков).

**УБАЛ-СООП** Жакшы-жаман иштердин ар бири үчүн жоопкерчилик, сурак бар деген түшүнүктү билдирүүчү сөз. *Малдын да убал-сообу бар да. Бул ушул бойдон сабатсыз калса, анын убал-сообу кимге?* («Агым»).

**УБАЛА** Майдалоо, күкүмдөө, үбөлөө. *Тигилер устукандарын жеп бүтүшө электе эле Темир этти убалап туурап койду* (Сыдыкбеков).

**УБАЛАН убала** этишинин өздүк мамилеси.

**УБАЛИЙ** Аким, улук, башкаруучу.

**УБАЛЫ АТТАТПАСЫН** «Бирөөгө жасаган жамандыгың өзүңө тынчтык бербесин, жашатпасын» деген сыяктуу наалат айтуу, нааразылыкты билдирүү, жек көрүү маанисинде колдонулат. *Убалы аттатпасын какмарды! Балдардын көз жашына карабай жалгыз уюн айдап кете берди* («Ала-Тоо»). **В.: Убалы уктатпасын!** – *Оо, убалы уктатпасын ушу наристенин* (Өмүрбаев). *Жетимдердин убалы уктатпасын арамдар!* (Элебаев). *Ушу турган террористерди калың элдин убалы уктатпас* («Кыргыз Туусу»).

**УБАЛЫНА КАЛУУ** Бирөөнүн тагдырына жоопкер болуу, милдеттүү болуп калуу (көбүнчө өкүнүчтүү, начар абалга дуушар болгон, иши оңунан чыкпай калган абалга карата). *Аттиң ай, Нинанын убалына бекер калыптырмын* (Саатов). *Андай бала өзүңдүн колуңда деле турбайбы, убалына калба, тил ал* (Бердикеев). *Ал ошентип өлчү сүткор болучу. Сенин убалыңа калган ошол как баш* (Сыдыкбеков).

**УБАР** Сыйлуу, урматтуу, кадырлуу. *Айыл-аймак, убар журт.*

**УБАРА** Бир ишти аткаруу үчүн кыйналып-кысталган аракет, машакаттуу, түйшүктүү аракет, убараланууучулук. *Сен азыр баласың. Кээде чоң кишинин оюна түшпөгөн иштерге убара болосуң деди чоң эне небересине* (Сыдыкбеков) *Убара болуу. Убара тартуу.*

**УБАРАКЕРЧИЛИК** Убара болгондук, убара тартуучулук. *Ошентип, урушуу менен убаракерчилик көбөйүп убакыт өтө берди* («Чалкан»).

**УБАРАЛА** Убара кылуу, түйшүк тарттыруу, алек кылуу. *Аны далайга чейин убаралай берди* (Токомбаев).

**УБАРАЛАН убарала** этишинин өздүк мамилеси.

**УБАРАЛУУ** Убара тарткан, машакаттуу, түйшүгү көп, убарасы көп. *Сен үчүн убаралуу курдашыңды, Өлбөстүн дарысындай эңсетесиң* (Маликов). *Убаралуу иш.*

**УБАРАЧЫЛЫК убаракерчилик** менен бирдей.

**УБАРЛАШ** Кадырлаш, максатташ. *Убарлашым Сарала, башыңды жерге сала көр, аркандай арыш ала көр* («Манас»). *Унутпай жүргөн болсоңуз, Убарлаш болчу өзүмдү* (Маликов).

**УБАТ** Майдалоо, талкалоо, упуратуу үбөлөө.

**УВА** Аттын бутунун оорусу.

**УВАГАН** *диал.* Тамеки кургатуу үчүн казык кагып, ага зым тартылып даярдалган орун, жай. *Уваганы даяр, аз күндө иле баштайбыз.*

**УВАГАНЧЫ** *диал.* Тамеки тизип илгич.

**УВАЗИР** *туурасы:* вазир. *Увазир жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы* (макал).

**УВАЙ** *диал.* Эзилген курутту ысытып же жууратка каймак кошуп ичкен тамактын аты.

**УВАК** *диал.* Чоңдугу кекиликтей келип, сөөгү майда, аппак эттүү болуп, көбүнчө кумдуу талаада же тоодо жашап, «вай-вай» деген үн чыгарган канаттуунун аты. *Увакты мергендер көп атпайт.*

**УВАКИЛ** *диал.* Өкүл. *Аялдар увакили болуп иштеген.*

**УВАЛЕК** *диал.* Сорттолгон тамекилерди коё турган таңгак жыгач.

**УВАТ** 1. Эки айдоонун ортосунда айдалбай калган талаа. 2. Айдоонун четинен өткөн талаа. 3. Айдоо аянттарын бөлүп турган чек же айдоо чегин бойлой кеткен арык. *Ошондо биз уваттын четинде, Субанкулдун таар курмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз* (Айтматов).

**УВЕРТЮРА** Операнын, балеттин ж. б. музыканын кириш бөлүгү.

**УГАНААК** Тез угуучу, кандайдыр бир кабарларды, жаңылыктарды, сөздөрдү тез угуучу, башкалардан мурда угуп-билүүгө шыктуу. *Базарбектин уганаак кулагы уур-*

*данып келе жаткан дүбүрттү укту* (Каимов). *Айтып берчи турмуш сырын, Баяндачы угайын* (Рыскулов).

**УГАР КУЛАК** Уганаак, тез уга коймо, өтө сак. *Угар кулак, жер тыңшаар, Жерди тыңшап калды эми* («Эр Төштүк»). **В.: Угар кулак, көрөр көз.** *Угар кулак, көрөр көз ушундай жандын өзүмүн* («Эр Төштүк»). *Кароолчусу эрте-кеч, Угар кулак, көрөр көз* («Манас»).

**УГАРМАН** Бир нерсенин угуучусу, угуу үчүн келген адам. *Радионун угарманы.*

**УГУЗ ук** этишинин аркылуу мамилеси.

**УГУЗУУ** *этн.* Жаман кабарды жана кырсыкты туугандарына, жакындарына бир нече кишинин чогуу келип, карыялардын же акындар тарабынан билдирүүсү.

**УГУЗУУ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Жаман кабарды, көбүнчө жакын адамы өлгөнүн угузуу мазмунундагы чыгармалар. Мындай ырлар көбүнчө комуздун коштоосунда муңдуу обон менен аткарылган. *Туу куйругу бир кучак, Тулпар качты Айганым. Туурунан бошонуп, Шумкар качты, Айганым.* (Элдик ырдан).

**УГУЛ ук** этишинин туюк мамилеси.

**УГУЛААР-УГУЛМАКСАН** Араң эле угулгандай, ооз учунан, акырын айтуу, шыбырап айтуу.

**УГУМДУУ** Кулакка жагымдуу, уккулуктуу. *Кулагыма угумдуу, Жүрөгүмө жугумдуу, Кошо чыкса добушум* (Осмонкул). *Шайырлыкка салып, кулакка угумдуу ырларын ырдап жүрөт* (Жантөшев).

**УГУМСУЗ** Уккулуктуу эмес, угууга жагымсыз. *Угумсуз ыр. Угумсуз сөз.*

**УГУТ** 1. Бозого кошуу үчүн өндүрүлгөн буудай (кургатылып, майдалап кошот). *Угуту күчтүү бозо.* (Бейшеналиев). *Буудай угут. Таруу угут.* 2. *өт.* Маңыздуулук, курчтук, курчутуучулук сапат. *Сөзүндө угуту бар. Жигит деген кайраттуу, чыйрак болбойбу, же ушунча угуту жок белемсиң, – деп чал зээни кейип, небересин жемелеген болду* («Ала-Тоо»).

**УГУТТУУ** 1. Угуту бар, угут салынган, угут кошулуп жасалган. *Угуттуу бозо. 2. өт.* Тың, чыйрак, өткүр, бышык (киши жөнүндө). *Угуттуу азамат намысын колдон чыгарбайт* (Токтогул).

**УГУТТУУ СӨЗ** Жеткире айтылган күчтүү сөз, маңыздуу сөз, адамды чыйралта турган, курчута турган сөз. *Адамдын көзүн ачаар угуттуу сөзү бар болсо угалы, болбосо убакытты текке кетирбей ишибизди жылдыра бергенибиз оң.* («Кыргызстан маданияты»).

**УГУУ I ук** этишинин кыймыл атоочу.

**УГУУ II** Бирөөдөн уккан сөз. *Элден угууma караганда.*

**УГУУЧУ** 1. Кулак салып тыншап отурган адам, угуп отурган адам, тыңдоочу. *Угуучуң көрүп таң калат, булбулду карап тургандай* (Үмөталиев). 2. Кээ бир окуу жайларынын окуучулары. *Партиялык мектептин угуучулары.*

**УГУШ ук** этишинин кош мамилеси. *Көрө албадым, угушум – гүлдөп жатат деп, уктум.*

**УДАА** Катарынан, катары менен, биринин артынан бири. *Үч жылы удаа сыйланып, Эгизден козу тапкамын* (Осмонкул). *Ургаачыдан уз көрдүм, Он үч удаа кыз көрдүм* («Манас»).

**УДААЛАШ** Биринин артынан бири удаа, катарлаш, үзгүлтүксүз. *Үч тестиер бала кычыраган чыйыр жол менен удаалаш келатышты* (Бейшеналиев).

**УДАЙЧЫ** Канды, бекти коштоп жүрүүчү жоокер, жансакчы. *Убазир, желдет, удайчы* («Манас» С.О.). *Нияз кушбеги артта жакынырaак турган удайчыны башын ийкеп чакырды* (Касымбеков). *Бул көрүмсүз абышканы ээрчип жүргөн жоокер, удайчылар көзүнүн агы менен чимирилет* (Касымбеков).

**УДУЛ** Туура келген ылайыктуу шарт; бир нерсенин жөнү, ылайыгы, багыты. *Кеп удулун байкап, унчукпай ойлонуп калды* (Кадыров). *Сөздүн удулу келип калса берген убадасын эсине салып коюу керектигин ойлоду* (Кадыров).

**УДУРГУ** 1. Бир жакты көздөй жапырт сүрдүгүү, улам бир жакты көздөй чогуу бойдон агыла каптоо, өйдө-төмөн, уйгу-туйгу болуу. *Буюккан малдар удургуп, жөөлөшө качып кулашты* (Токомбаев). *Урунаарга тоо таппаган тентектей, Удургуган көңүлдү жай мага* (Токтакунов). 2. Жапайы уйдун аты.

**УДУРГУТ удургу** этишинин аркылуу мамилеси.

**УДУРГУУ удургу** этишинин кыймыл атоочу.

**УДУРГУШ удургу** этишинин кош мамилеси. *Акыл-айла издеп, ары удургушту, бери удургушту.*

**УЕЗД** 1. *эск.* Байыркы Руста шаар менен байланышкан аймактар, бир топ болость. 2. Революцияга чейинки Россиядагы жана СССРде райондоштурулганга чейинки административдик-территориялык бөлүнүш.

**УЖДАН** Уят, ынсап.

**УЖМАК** *дин.* Бейиш.

**УЖУТ** Негиз, маңыз, маани.

**УЖУТУНА ЧЫГУУ** Ишке ашыруу, орундатуу, жүзөгө ашыруу. *Бирок арызмуңду угуп, ужутуна чыккан эч ким жок* (Жантөшев).

**УЗ** Чебер, устат, мыкты ишмекер. *Сулуусуң жыпар жыттуу бак гүлүндөй, Көркөмсүң уздун соккон килеминдей* (Үмөталиев). *Оңунан келген иш эле, Оймоктуудан уз эле* («Манас»).

**УЗА** 1. Белгилүү бир орундан, жерден алыстоо, ыраактоо, белгилүү бир аралыкка бөлүнүп, озуп кетүү. *Динар өзү кыштактан эчак узап кеткенин байкабай калган* (Сыдыкбеков). *Поезд Быстровкадан бир кыйла узап, Боомдун оозуна кирип бара жатат* (Сасыкбаев). 2. Жөнөө, жөнөп кетүү. *Тыштан келгендердин кимиси болбосун, ушул үйдөн узайт* (Убукеев). 3. Белгилүү бир убакыт өтүү. *Көп узабай жетип баруу.*

**УЗАК** Көпкө созулган. *Арзымат экөөбүз узак убакытка чейин сүйлөштүк* (Жантөшев). 2. Алыс, ыраак. *Машина ордунан козголуп узак жолго учкан куштай зыпылдап кете берди* (Тоголок Молдо). *Бара жаткан жол узак, Жай, көңүлдүү ырдасак* (Шамшиев).

**УЗАКТА** *сейр.* Алыстоо, ыраактоо. *Узактадым кырчын жаштан гүлүстөн* (Токомбаев).

**УЗАН** Иштөө, жумуш кылуу. *Макиштин атасы дүкөнүндө узанып жатат* (Сыдыкбеков).

**УЗАНТ узан** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЗАНУУ узан** этишинин кыймыл атоочу.

**УЗАР** 1. Узун болуу, өсүү. *Эки элиге жакын узарган коңур чачтары дүпүйүп учтары жылтырайт* (Сыдыкбеков). *Гүлдөр бат эле узарып кетет да, Зарыл аларды аралап... кыздарды издейт* (Сыдыкбеков). 2. Узак болуу. Көпкө, узакка созулуу *Узарды күлүңдөп күн минут санап, Жып-жылуу жанга ылайык нурун берип.* (Турусбеков). *Бийле, бийле, түнкүсүн өмүр узарга* (Эралиев).

**УЗАРТ узар** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЗАРУУ узар** этишинин кыймыл атоочу.

**УЗАТ** 1. **уза** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Берүү, сунуу. *Ал дүрбүсүн мойнунан чыгарды да, узунунан жаткан бойдон мага узатты* (Токомбаев). *Мукамбай куюлган пияланы Тоозакка узатып жатты* (Абдукаримов). 3. Андан ары улантуу. *Уруксат сизге Осоке, Эми узата бергин ар жагын* (Үсөнбаев). 4. Күйөөгө берүү, жөнөтүү. *Кыңшылатып узатса, Кыздын көркү тоюнда* (Жан- төшев).

**УЗАТА** Кандайдыр бир нерсени бойлой, узундугу боюнча, узатасынан. *Мына туштук жакта дүгдүрөйүп узата тоо жатат* (Байтемиров).

**УЗАТАСЫНАН узата** менен бирдей.

**УЗАТУУ узат** этишинин кыймыл атоочу.

**УЗАТУУЧУ** Жөнөтүүчү, жөнөтүп чыгуучу киши. *Узатуучулар поезд алыстаганча кол булгалап турушту* (Каимов).

**УЗАТЫШ узат** этишинин кош мамилеси.

**УЗДА** Сонун, кыйын чебердик.

**УЗДАТ узда** этишинин аркылуу мамилеси. *Чымырата тиктирген, уздан узга уздаткан* (фольк.).

**УЗОО уза** этишинин кыймыл атоочу.

**УЗУН** 1. Кысканын карама-каршысы. *Үйлөрдүн айланасы узун шыргайлар менен бекитилген* (Жантөшев). *Клубдун сахнасындагы узун столдун үстүндө газета жайылып турган экен.* 2. Узак, көпкө созулган. *Узун өмүр, өчкүс даңк, Сенде болсун, жаш баатыр* (Нуркамал). *Узун санаа Ажарды курчап алды* (Баялинов). *Узун түн элесиңди унута албай, Унчукпас болуп кеттим кусаланып* (Мамытов). *Жайдын узун саратан ысыгында ач болот, ток болот... ичегисине кан уюп калса... Кыйналабы дедим, балм* (Жакиев). 3. Алыс, ыраак. *Узун жолду кыскартып, улаштырып ширеген* (Тоголок Молдо).

**УЗУН АЙЫЛДЫН УЧУНА, КЫСКА АЙЫЛДЫН КЫЙЫРЫНА ЧЫГУУ** *к.* **узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына чыгуу.**

**УЗУН БОЮН ПАС КЫЛУУ** *к.* **улук боюн кичик кылуу.**

**УЗУН ЖОЛДУ КЫСКАРТУУ** Жол жүрүп бара жатканда убакытты тез өткөрүү жана жол жүрүү машакатын эсинен чыгаруу максатында кызыктуу кеп салып аңгемелешүү, сүйлөшүү. *Курбум, узун жолду кыскартып, аңгемелешип отурбайлыбы* (Саатов). *Кордолгон калың букаралардын жүк көтөргөн төөлөрдөн айырмасыздыгын азаптуу, түгөнбөс сапарда Тоголок Молдо санаасында салыштырып, узун жолду кыскартууда* (Бейшеналиев).

**УЗУН КЕКИРТЕК** 1. Соргок, тамакты көп ичкен. *Булардын узун кекиртек болушун байкап отурсак, ачкачылыктын кээри бар өңдөнөт* («Ала-Тоо»). 2. Алдым-жуттум, шылуун. *Мындай узун кекиртектен баарын күтүүгө болот* («Чалкан»). **В.: Узун өзөк.** *Узун өзөк неме ушуга ыраазы болор бекен деп өзүнчө бушайман болду.*

**УЗУН КУЛАК** 1. Көптү билген, көп нерседен кабардар. *Чай үстүндө узун кулак чалдар аңгеме айтып, ата-эненин көңүлүн жубатты* (Укаев). *Узун кулак, улама, Көп көргөндүр көзүңүз* (Токомбаев). *Мен уккамын карыдан, Уламанын баарынан, Узун кулак Сарыдан* («Манас»). 2. Уганаак, тез уга коймо, ушакчы. *Ушинтип кумурсканы Төө деп угат узун кулак* (Борбугулов). *Сени Нурмат алдырып келип, нике кыйдырып жаткандыгы узун кулактар аркылуу районго маалим болот* (Жантөшев). *Учурмалуу узун кулак ушакчылар кантип бул окуяны көрбөй, билбей калышты экен?* (Жантөшев). **В.: Кулагы узун.** *Анын кулагы узун. Кулагы узун аял.*

**УЗУН ӨЗӨК** *к.* **узун кекиртек 1.**

**УЗУН САБАК** Көпкө, узакка созулган аңгеме, узун сөздүү баян, ыр ж.б. *Алдыларында кымыз, карыялар узун сабакка түшүштү* (Жантөшев). *Омор аке, менин узун сабак баяным, балким сизди тажата баштагандыр* (Сыдыкбеков).

**УЗУН САРЫ** Жазгы үзүмчүлүк маал. *Күздө болсо да бир жөн, а узун сарыда кайдагы дан?* (Даникеев). – *Илгери бирөө узун сарыга сактайлы деп, согумунун чүйгүн жерин ундун арасына каттыра бериптир* (Өгөбаев). *Жазгы узун сары айылдын эмгекчилерин анчалык муңкурата албады* (Абдукаримов).

**УЗУН ТИЛ** *к.* **тили узун.**

**УЗУН УЛААН** Узак, көпкө созулган.

**УЗУН ЧЫЛБЫР, КЕҢ ТУШОО** Колу-жону бош, ээн-эркин, кысылган абалда эмес. *Кантсе да, алар узун чылбыр, кең тушоо экени көңүлдөн улам орун ала берди* (Касымбеков).

**УЗУН ЭЛДИН УЧУНА, КЫСКА ЭЛДИН КЫЙРЫНА** Жакын, алысына карабай айлана-чөйрөдөгүлөрдүн бардыгына, жалпы элге, калайык калкка, көп жерге. *Бул тегин адамдын баласы эмес, узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына кабар кылып, таанып алары чыкпаган соң ... Алтынбек деп ат коюшуп, бактырып коюшат* (Касымбеков). *«Кыздуу эл менден үлгү алсын» деген атамдын сөзү узун элдин учу, кыска элдин кыйрына жайылды* (Жантөшев). **В.: Узун айылдын учуна, кыска айылдын кыйрына.** Узун *айылдын учуна, кыска айылдын кыйрына угуза жар салчу* (Эралиев). **Узун элдин учуна.** *Калмурзанын ыры ооздон оозго тарап, узун элдин учуна чыгат* (Бейшеналиев). *Калпа узун элдин учуна даңазаланып, Куртка-Терекке опузалуу келди* (Бейшеналиев).

**УЗУНДУ КЕЧКЕ** Эртең менентен кечке чейин, күнү бою. *Узунду кечке бул Жакып, Арык чаап калыптыр* («Манас»). **В.: Узунду күнү.** *Кабыл узунду күнү тынымсыз түйшүктүн артынан жүрүп, жатарда гана бир келет* (Элебаев).

**УЗУНДУ-КЫСКА** *же* **узунду-кыскалы** Бири узун, бири кыска, бирдей эмес, тегиз эмес. *Бойлору узунду-кыска. Этегин узунду-кыскалы кылып үстүнөн кыска тон кийген.*

**УЗУНДУК** 1. Кандайдыр бир сызыктын, тегиздиктин же нерсенин бир багыт боюнча эки жакка созулган четки чектеринин аралыгы. *Узундугу кыйла бар, Эндүүлүгү эчен бар (*Тоголок Молдо). *Аркандын узундугун өлчөп жатат* (Токомбаев). 2. Бир нече убакытка созулгандык, узак болгондук (убакыт жөнүндө). *Бүгүнкү күндүн узундугу бир нече күнгө татыды* (Жантөшев).

**УЗУНУНАН САЛУУ** Өлтүрүү, жоготуу, жок кылуу. *Эми этектен аларда, Узунунан саларда* («Семетей»). *Көрүнүп калса куу түлкү, Узунунан салалык* («Семетей»).

**УЗУНЧА** Узунунан келген, узунураак, анчалык узун эмес. *Туурадагы узунча жөлөнгүчтү мээлейлүү колдору менен сыдыра басып бара жатышкан шахтёрлор бөкчөң-бөкчөң этишет* (Сасыкбаев).

**УЗУР** *диал.* 1. Кечирим. 2. Зарылчылык, өтүнүч. *Узуруң болсо айт.*

**УЗУРПАТОР** Бирөөнүн укугун мыйзамсыз, зордук менен тартып алган адам.

**УЗУРПАЦИЯ** Бирөөнүн укугун же бийликти мыйзамсыз тартып алуу.

**УЙ** 1. Төрт түлүк малдын бир түрүнө кирүүчү музоо, торпок, кунажын, өгүз ж.б. жалпы аты. *Уй териси тон болбойт, Урушкан менен чоң болбойт* (Санат). *Бадачы көп уйду талаага айдап баратат* (Сыдыкбеков). 2. Ушул малдын төл берген, саала турган ургаачысы. *Саан уй. Тубар уй. Кысыр уй* 3. Он эки жылдык эски жыл эсебинин экинчи жылы. *Уй жылы.*

**УЙ ЖАЛАГАНДАЙ** 1. Заматта аймоо, эч нерсесин калтырбай мойсоп жеп коюу деген мааниде. *Жакең үймө табак этти уй жалагандай кылат* (Осмоналиев). 2. Эч нерсеси калбаган, эч нерсе жок. *Бул сапар уй жалап кеткенсип, ордунда жок* (Сыдыгалиев). **В.: Уй жалап кеткендей.** *Кашы уй жалап кеткендей сары чийкил неме* («Ала-Тоо»).

**УЙ КУЙМУЛЧАК** Тулпардын күлүктүгүнүн бир белгиси. Саны уйдукуна окшош. *Уй куймулчак Сарала* («Семетей» С.К.).

**УЙ МҮЙҮЗ ТАРТУУ** Жарым тегерек тартып кырка отуруу. *Беркилер да уй мүйүз тарта жумшак жалбырак үстүнө тизе бүгүштү* (Бейшеналиев). *Мергенчилер суу жээктей уй мүйүз тарта отуруп, аңчылыктын аңгемесине батмак* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Уй мүйүз болуу.** *Шакирттер так молдонун оропарасында уй мүйүз болуп отурушат* (Абдукаримов).

**УЙ ТИЛИНДЕЙ** Кичирээк, анча чоң эмес. Уй *тилиндей үч-төрт көчөнү эми эле тегеренип чыкпайбы?* (Тойбаев).

**УЙ ТҮГҮНДӨЙ** Өтө көп, сансыз, жер жайнаган. *Ага тиги уй түгүндөй ойроттон хандык тийбей кайдагы бир уруунун ханы аталып жүрүшүнө өзүнүн да ичи чыкчу эмес* (Осмоналиев). *Уй түгүндөй көп элге уруна кирип барбайлы* («Эр Табылды»).

**УЙГА КИЛЕМ ЖАПКАНДАЙ** Жарашыксыз, орунсуз, олдоксон көрүнгөндөй, туура келбей, келишпей тургандай. *Уйга килем жапкандай болуп, жаман эриңдин кайсынысына аза күтөсүң* (Жантөшев).

**УЙГАК** Сабагынын учтарында жабышкак, сайгыч тикени бар, чоң-чоң, жазы жалбырактуу өсүмдүк. *Козу уйгак. Төө уйгак.*

**УЙГАКТАЙ ЖАБЫШУУ** Бирөөгө асылып

алуу, жанын койбоо, артынан калбоо, акидей асылуу. *Бул ушакчыдан кутулуш азап ко, уйгактай жабышып алды* (Бердикеев). *Акинайдай жаш сулууну тапмак кайда! Уйгактай жабышып, жалбарып, айтпаганы калбаптыр* (Токомбаев). *Булар бизге өздөрү эле кошомат кылып, уйгактай жабышып жүрүшөт* (Саатов). **В.: Уйгактай илээшүү.** *Анда эскинин калдыктарына уйгактай илээшип, ар кандай жосунсуз жоруктарды жасап келаткандардын аттары аталып, эл алдында уяткарылды.*

**УЙГАКТУУ** Уйгак көп өскөн жер.

**УЙГАКЧЫ** *диал.* Топ болуп учкан, чийчий этип үн чыгарган канаттуунун аты. *Тээтиги жакта көп уйгакчы көрүнөт.*

**УЙГУ-ТУЙГУ** Баш аламан, бир калыпта эмес, өйдө-ылдый, уюлгуган сыяктуу. *Кимди ким көрдү, эл удургуп уйгу-туйгу* (Баялинов). *Асман түнөрүп, уйгу-туйгу кар жаап келген* (Жантөшев).

**УЙГУРЛАР** Басымдуу бөлүгү Кытай Эл Республикасында жашаган түрк тилдүүлөр тобуна кирүүчү эл.

**УЙДУН БӨЙРӨГҮНДӨЙ** 1. Башы кошулбаган, бирикпеген, ынтымагы жок, бирибирине жакындашпаган. *Айтпадык беле. – Жолдошу жаман жоого алдырат. Шүнтүп уйдун бөйрөгүндөй болуп шумурөймөкпүз* (Бейшеналиев). 2. Анча көп эмес, аз эле, кичинекей. *Уйдун бөйрөгүндөй болгон аз эл.*

**УЙЖАПА** *диал.* Узун көк чылбыр таштап, каксоо адырларга чыгып, терең тамыр алып, байлаган тологолу күзүндө жарылып кете турган өсүмдүк.

**УЙКАНА** Уй короо, уй киргизиш үчүн атайын салынган жай, сарай. – *Уйкананын каалгасы сынып калыптыр, – деди Шабыраалы үшүгөн колун үйлөй берип* (Бейшеналиев)

**УЙКАШ** Ыр саптарынын, көбүнчө аяккы сөздөрүнүн тыбыштык түзүлүшү жагынан бири-бирине окшошуп келиши. *Анын иши кабарчыдан күчөсө, Мен ырлардын уйкашынан баштадым.* (Токомбаев). *Ааламдын көркү күндө бар, Адамдын көркү тилде бар* (Жеңижок).

**УЙКАШТЫК** 1. Кыйыштыруу, кооз, уйкалыштыруу, усталык менен айтуу. 2. Рифма менен айтуу.

**УЙКАШТЫР** **уйкаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЙКАШУУ** **уйкаш** этишинин кыймыл атоочу.

**УЙКУ I** Белгилүү бир убакыттарда кайталанып туруучу, ой кызматын толук же жарым-жартылай токтотуучу физиологиялык тынчтык жана эс алыш. *Уйкудан көзүң ачылбайт, Кандай курган баласың* («Эр Табылды»). *Тур-турдан кабар келсе, уйкунун мазасы кетет* (макал). *Бул күнкү урпагынын жайын сүйлөшөт, Уйкуда жаткан эрди кайраттантып* (Тыныстанов).

**УЙКУ II** *диал.* Кой-эчкинин боор эти менен жүрөгүнүн ортосундагы майда былжырлуу без сымал эти.

**УЙКУ БЕЗИ** Тамак сиңирүүнү жөнгө салуучу жана гормондорду иштеп чыгуучу орган.

**УЙКУ БЕТИН КӨРБӨӨ** Такыр уктабоо, уктай албай калуу. *Сөздүн кыскасы, бул түнү да Наркбай уйку бетин көргөн жок* (Кыдырмышев). *Мындай түнү энем уйку бетин көрмөк беле* (Жусупов). **В.: Уйку качуу.** *Жалган курандын биринчи түнүндө уйкум качты* (Жусупов). *Бул түнү уйку качып, кыялым жер кезип жүрөт* (Өмүрбаев).

**УЙКУ СООНУН ОРТОСУНДА БОЛУУ** Чала уйкуда болуу, өтө катуу уктап кетпей, айланадагыларды элес-булас сезип жатуу. *Уйку-соонун ортосундагы энесине Татыбектин сөздөрү түшүнүксүз болду* (Байтемиров).

**УЙКУГА ЧАЙЫЛГАН** Уйкусу ачылбаган, уйкусураган абалда (көзгө карат айтылат).

**УЙКУЛУК** Бир жакка жөнөй турган адам жөнөтүүчүлөргө берүүчү тамак. *Уйкулук берип уялгандан көрө, бербей уялган дурус* («Чалкан»).

**УЙКУЛУУ** Уйкусу абдан ачыла элек, уйкусу канбаган бойдон. *Уйкулуу көзүн укалап, Алымкул кош башчысы Тагайдын кумсарып атчан турганын көрдү* (Абдукаримов). *Анархандын уйкулуу көзү умачтай ачылып, башын көтөрдү* (Жантөшев).

**УЙКУРУК** 1. Өңү көк келип, бийиктиги беш метрге чейин өсө турган өсүмдүк. 2. Арпанын даны ичке келген бир түрү.

**УЙКУСУ КАТУУ** Уйкучу, сергек эмес. *Уйкусу катуу неме эле, Же тургузбай басып калдыбы?* («Олжобай менен Кишимжан»).

**УЙКУСУ УМАЧТАЙ АЧЫЛУУ** *к.* **көзү умачтай ачылуу.**

**УЙКУСУ ЧАЙЫТТАЙ АЧЫЛУУ** *к.* **көзү умачтай ачылуу.**

**УЙКУСУРА** Уктап жатып бирдемелерди сүйлөө, кобуроо ж. б. *Алым уйкусурап жылмайып, ары тоголонуп кеткен эле* (Жантөшев). *Саамай чачың элестелет көзүмө, Уктаганың, уйкусурап жатканың* (Акматалиев).

**УЙКУСУРОО** **уйкусура** этишинин кыймыл атоочу.

**УЙКУЧУ I** *диал.* Мифтик түшүнүк боюнча бешиктеги баланын уйкусун келтире турган эне.

**УЙКУЧУ II** Көп уктоочу, көп уктаганды жакшы көргөн.

**УЙКУЧУЛ** **уйкучу** менен бирдей. *Ары жок – күлкүчүл, санаасы жок – уйкучул* (макал).

**УЙКУЧУЛДУК** Көп уктоону жакшы көргөндүк, уйку баса бергендик.

**УЙМАЙ** *диал.* Эгиндин дүмбүлдөн өтүп сарала тартып калган учуру. *Эгин уймай болуп бышып калыптыр.*

**УЙПА** 1. Жапыруу, жапыра сыйпоо. *Батыштан соккон катуу шамал буудайдын башын уйпалап өттү.* 2. *өт.* Өлтүрүү, өлтүрүп салуу.

**УЙПАЛ уйпа** этишинин туюк мамилеси. *Уйпалып кал!*

**УЙПАЛА** 1. Бир канча ирет уйпоо, жапырып, иретсиз чаташ абалга келтирүү, бырыштыруу. *Жердин чөбү узарбайт, Уйпалап күндө тепсесе* (Осмонкул). 2. *өт.* Жок кылуу, жоготуу. *Угузба андай сөзүңдү, Уйпалап коём өзүңдү* («Манас»). *Ылаачын чилди тепкендей, Уйпалаган замбирек* (Үмөталиев).

**УЙПАЛАН уйпала** этишинин өздүк мамилеси.

**УЙПАЛАТ уйпала** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЙПАЛОО уйпала** этишинин кыймыл атоочу.

**УЙ ТИЛ** 1. Жалбырагы сүйрү узунча келген, майда тегерек тоголок бүдүр алган өсүмдүктүн аты. 2. Шырдакка сүйрүчө салынган оюунун аты.

**УЙЧУ** Уй багуучу. *Арбын камдап тоютту Сан, сапатын арттырып, Жакшы баккын, уйчулар* (Осмонкул).

**УЙЧУМАН уйчу** менен бирдей.

**УК I нук** менен бирдей.

**УК II** Тыңшоо, кулак салуу, эшитүү. *Угамын элди коргоп келгендерден, Душманын тургузбаган мергендерден* (Калык). *Кедейлерим сөзүмдү ук, Өзгөрүштө ала чык!* (Тоголок Молдо). *Бу, бир айтканды угасыңбы?! Качанга дейре эле адамды беймаза кыла бересиң?* (Жакиев).

**УКАЗ** Жогорку бийлик органдары тарабынан берилген, закондуу күчкө ээ болуучу токтом. *КР Жогорку Кеңешинин Указы.*

**УКАЛА** Колду ныктай сүргүлөө, ушалоо. *Атам укалаган насыбайынан чеге кетти* (Жантөшев). *Андрей муздак колу менен эки көзүн тең укалап, үйүнүн ордун кайра-кайра карады* (Сасыкбаев). *Далымы укалады.*

**УКАЛАТ укала** этишинин аркылуу мамилеси.

**УКАЛОО укала** этишинин кыймыл атоочу.

**УКЕ** *диал.* **үкө** менен бирдей. *Аны жай сүйлөшөбүз, уке!* (Жантөшев).

**УККУЛУКСУЗ** Угууга жагымсыз, угумсуз. *Уккулуксуз ырдоо. Уккулуксуз үн.*

**УККУЛУКТУУ** Угууга жагымдуу, угумдуу. *Күү ыргагы, куду тунук толкундай жамырап, кулакка уккулуктуу* (Сыдыкбеков). *Уккулуктуу үнү менен ырды созолонтуу* (Жантөшев).

**УКМАКСАН БОЛУУ** Укпагансып, укпай калгансып көрүнүү, укпамыш болуп, тоготпогонсуп коюу. *Келин укмаксан болуп басып кетти* («Ленинчил жаш»). **В.: Укмаксанга салуу.** *Жаны кашайган аялдарды ким тыят. Аялдардын ыйын, каргышын Калпа ажынын байбичеси баштаган ...баскынчылар элдир-селдир эшитсе да укмаксанга салышты* (Бейшеналиев).

**УКМУШ** Таң каларлык окуя, укмуштуу кабар, жаңылык, шумдук, керемет. *Учтуң учкуч, Жасап укмуш.* (Осмонов).

**УКМУШТУУ** Таң каларлык, сонун, шумдуктуу. *– Эх, бул тоодон укмуштуу кен табылат! – Аны мен табам* (Сыдыкбеков). *Маманазар кээде чукугандай сөз таап, укмуштуу ырларды ырдайт* (Жантөшев).

**УКМУШУҢ КУРГУР** Кандайдыр күтүлбөгөн коркунучтуу нерсени көргөндө же жок жаңылыкты укканда абдан таң калуу маанисинде айтылат. *Укмушуң кургур, ушундай да болот экен ээ, – деп отургандар жакасын кармады* («Ала-Тоо»). *– Ой, укмушуң кургур ой, тим эле амалдуу түлкү экен го...* **В.: Укмушуң куруп кал.** *Ой, укмушуң куруп кал, мындай болот деп ким ойлоптур* («Кыргызстан маданияты»).

**УКОЛ** Шприц менен теринин астына же кан тамырына суюк дарыны жиберүү. *Кары доктор Канайымды эртели-кеч караган болот, кээде укол менен дары да куят* (Касымбеков).

**УКРОП** Тамакка татым катары салынуучу жытуу чөптүн бир түрү.

**УКТА** 1. Уйкуга кетүү, уйкуда болуу. *Аябай чарчагандыктан келерибиз менен уктап калыптырбыз* (Жантөшев). *Балакетиңди алайын жалгызым, уктап жатса да кабагы жарык* (Сыдыкбеков). *Жок. Атам мени издеп таң атканча уктабайт* (Жакиев). 2. Дененин бир жери уюп кыймылдабай калуу. *Бутум уктап калды.*

**УКТАП ОТУРУП БҮТҮРҮҮ** Колунан келүү, абдан оңой, жеңил деп эсептөө. *Абылбек менен Айгүлдүн ишин мен уктап отуруп гана бүтүрөм* (Жантөшев). *Анын билгенин уктап отуруп көрсөтөм, койчуларга* («Ала-Тоо»).

**УКТАСА ТҮШҮНӨ КИРГИС** *к.* **үч уктаса түшкө кирбеген.**

**УКТАТ укта** этишинин аркылуу мамилеси. *Баласын уктатып коюп келет.*

**УКТОО укта** этишинин кыймыл атоочу.

**УКТУРУУ уктур** этишинин кыймыл атоочу. *Балдар үчүн уктуруубузду баштайбыз.*

**УКУ** Ныктай түртүү, колун таяй түртүп коюу, түртүп ишаарат кылуу. *Чоң Койчу, Темирди кайчынын сабы менен акырын укуп койду* (Жантөшев).

**УКУЙ** Балдар ойнунда: ортонду уркуйта бүгүп туруп, түйүлгөн муштуму менен утулган баланын башына ойнотуп алуу, нукуп алуу. *Укуй алуу.*

**УКУК** 1. Бир нерсени жасоого, иштөөгө акысы, эрки, мүмкүндүгү бардык. – *Өз тагдырымды өзүм чечип, өмүрлүк түгөйүмдү өзүм тандашка менде да укук болуш керек го апа, – деди Айсалкын акырында тутала-на.* («Кыргызстан аялдары»). 2. Адамдардын коомдогу мамилелерин жөнгө, тартипке салуу үчүн мамлекеттик бийлик тарабынан белгиленүүчү жана корголуучу нормалардын, эрежелердин жыйындысы. *Шайлоо укугу.* 2. Бир нерсени жасоо, иш жүзүнө ашыруу үчүн мамлекет тарабынан корголуп мыйзамдаштырылган мүмкүндүк, акысы бардык. *Кыргызстандагы бардык жарандарга эмгек кылуу, дем алуу эс алуу, билим алуу укугу берилген* («Агым»).

**УКУК НОРМАСЫ** Жазык укуктук мамилелерди белгилеп жана коргогон, жалпыга бирдей милдеттүү тартипти чыгылдырган мыйзамдын бир бөлүгү. *ЖКнын нормалары гипотеза, диапозия жана санкция болуп үч түргө бөлүнөт.*

**УКУК СОТУ** Жарандардын, уюмдун жана коомдун укуктары менен таламдарын коргоо максатында жарандык кылмыш иштерин ж.б. талаш-тартышты кароо жана чечүү боюнча укук процессчил укук менен аныкталган тартипте КРда жүргүзүлүүчү укук колдонуу иш аракети.

**УКУКСУЗ** Укугунан ажыратылган, укугу жок, акысы жок. *Кандай адам укуксуз, Болгондугун иретте* (Тоголок Молдо).

**УКУКТУК СИСТЕМА** Укук булактарынын жана конкреттүү мамлекетинин юридикалык буйрук берүүчү (юридикциялык) органдарынын өзгөчөлөнгөн бөлүгүнүн жыйындысы.

**УКУКТУУ** Укугу бар, акылуу, акысы бар. *Дем алууга укуктуу, Кени болду билимдин* (Шамшиев).

**УКУКЧУЛ МАМЛЕКЕТ** Мамлекет менен укук теориясынын борбордук категорияларынын (жалпы түшүндүрмөлөрүнүн) бири, иши бүт бойдон укукка баш ийген мамлекеттин идеалдуу тиби.

**УКУМ I: укум-тукум** Бир атадан тарал-ган, ата-бабасы бир урук-туугандардын бир нече мууну. *Нечен кылым, нечен жыл, Укум-тукум жүргөн жер* (Токомбаев).

**УКУМ II** Баш бармактын учунан баштап, сөөмөйдүн бүктөлгөн уурчугуна чейинки узундук аралык.

**УКУМДА ЖОК** Элде-журтта жок, ата-бабада жок. *Мындай шумдук укумда жок.*

**УКУМДАН ТУКУМГА** Муундан муунга, атадан балага. *Жаза басып алсаң элдин убалы туу кармап чыккан кишини уктатпас, салакасы укумдан тукумга калар* (Осмоналиев).

**УКУРУГУ УЗУН** Бардык мүмкүнчүлүгү бар, кайда болсо жетет, илиндирбей койбойт, баары бир куткарбайт, кармап алат деген мааниде. *Билгиң келсе алардын укуругу узун* (Саатов). *Бакты табабыз деп качканыбызда укуругу узун Тойтук кармап алып, сени өлтүрөбүз дегени эсимде* (Жусупов). *Укуругу узун жараткан анын тагдырын да эми, мына өз колума алып келип берди* (Укаев).

**УКУРУК I** Учуна илмек кыл аркан тагылып, жылкыны кармоого ылайыкталган узун таяк. *Укуругун өңөрүп, Уркуйган ийнин кашына Унчукпай ойлоп келатты* («Эл адабияты»). *Укуругун сүйрөткөн, Азоолорун үйрөткөн* (Осмонкул). 2. Кар жиликтин бооруна жабышкан укурукка окшош ичке сөөк.

**УКУРУК II** *диал.* Куш, бүркүттүн экинчи жоон саласы.

**УКУРУК КАЙЫРАР** Бир нерсеге такоол бере ала тургандай, кайраттуу, эр азамат. *Ушунча элден, өзүбүздүн тукумдан укурук кайрар чыкпайбы, – деп бий күңкүлдөй баштады* (Осмоналиев). *Укурук кайрар түк калбайт* («Манас» С.К.).

**УКУРУК МОЮН** Койкойгон, сындуу, мойну узун. *Укурук моюн, калем каш, Кыздары сонун кыргыздын* («Ырлар»). *Укурук моюн калем каш, Кундузга окшош олоң чач* (Үсөнбаев).

**УКУРУК САЛУУ** Колго түшүрүү, тизгинин тартып коюу, жоошутуп, тыйып коюу. *Качанкыга чейин эле ошентип тыюудан чыгып жүрө берер дейсиң, ага укурук салчу киши чыгар* («Чалкан»).

**УКУУ** **уку** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛА** 1. Бир нерсенин учун экинчи нерсенин учуна кошуу, жалгоо, бириктирүү. – *Ой, Аттокур, улап кой, Атың үзду тизгинин!* (Жантөшев). 2. Агылгалоо, ээрчүү. *Караанын улай бастырып, Калсамбы деп качырып* («Эр Табылды»). 3. *өт.* Кандайдыр башталган ишти, жолду ж.б. андан ары алып кетүү.

**УЛААРЫ** Создугуу, создугуп кетүү. *Улаарыган иш.*

**УЛААРЫТ** **улаары** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЛАГА** Ирегe, эшиктин алды, үйдүн ичине кире бериш бөлүгү. *Төрдөн согулган жел отту кайра улага жакка жапырат* (Баялинов). *Жамила улаганы аттап, төрдө отурган элге башын ийип, аларга урматын билдирди* (Баялинов).

**УЛАГАЛАШ** Эшиктеш, бири-бирине жакын.

**УЛАГАСЫНАН МАЙ АГУУ** *к.* **ирегеден май агуу.**

**УЛАГАСЫНДА ЖҮРҮҮ** Кызматын кылып, көз каранды болуп бирөөнүн колунда жүрүү, эптеп баш калкалап күн көрүү. *Ошентип, Байымбет дагы бир чоочун, бирок, чоң улагада журду* (Бейшеналиев).

**УЛАК** 1. Эчкинин бир жашка чейинки

төлү. *Эчкисин эркин багышкан, Эгизден улак алышкан* (Калык). 2. Көкбөрү. *Элдин бардыгы жабыла улакка киришти* (Жантөшев). *Улак – түшкөн үйдүкү* (макал).

**УЛАК ТАРТУУ** *к.* **көкбөрү**. *Улак тартып... тартпаса шайы куруп, Удургуган уу-чууга жаны муюп* (Култегин).

**УЛАКЧЫ** Көкбөрү тартууга катышкан адам, улак тартуу ыкмасын мыкты билген киши. *Улакчы бала экен деп, Көргөндөр айтсын ыраактан* (Токтогул).

**УЛАМ** 1. Кайта-кайта, кайра-кайра. *Ажар улам тышка кулагын түрөт* (Жантөшев). *Сары саптуу калемди сыяга улам малып коюп, Сыдык отурат* (Жантөшев). *Улам карап түш тарапты элеңдеп, Айтаар сөздү миң кайталап белендеп* (Кожомбердиев). 2. Соң, ошого карата, байланыштуу. – *Кириңиз, – жылуу чыккан үндөн улам бала үйгө кирди* («Ала-Тоо»). *Түрсүлдөгөн дабыштан улам Ышкынаалы чочуп ойгонду* (Байтемиров). 3. Дагы, андан ары, барган сайын. *Дабыш улам жакындоодо.*

**УЛАМА I** Эски сөздөрдү көп билген, көптү угуп, көптү билген билимдүү адам, аалым. *Уламалуу карыдан, Укканымды айтайын* («Манас» С.О.). *Чоң эне жомокчу жана көптү билген улама киши эле* (Сыдыкбеков). *Улама жазар барагым, Урпакка айтар саламым* (Өмүралиев). *Оозунда сөзү бар ар нерседен кабардар уламалар пайгамбар саабалардын өмүрүнүн өрнөктүү учурларын аңгемелеп, отургандарды кепке уютат* (Токтоналиев).

**УЛАМА II** Бири-бирине улап жалгаштырылган, жалгама. *Кемтигине курама, Сыныгына улама, Он тиш соко иши болсун* (Осмонов).

**УЛАМАЙ** *диал.* Төрөр учуру жакындап калганда боюнда бар аялдын кемпирлерге жасап берген тамагы. *Уламай жасап кемпирлерди чакырат.*

**УЛАМАЛА** Сураштыруу, иликтеп, сурамжылоо. *Анна уламалап жүрүп, Азиздин кабарын билген* (Жантөшев).

**УЛАМАЛОО** **уламала** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛАМЫШ** Бирөөнөн экинчисине, улам кийинкисине өткөн сөз, имиш-имиш.

**УЛАМЫШТА** Уккан нерсени ооздон-оозго айтуу.

**УЛАН I** Үйлөнө элек жаш жигит, жалпы эле бой тартып калган жаш адам. *Уста баатыр уландарга дайыма акылын айтып, аларды эл таламын көздөөгө чакырат* («Эр Табылды»).

**УЛАН II** Андан ары жалгануу, үзүлүп, токтолуп калбай андан ары арылоо, өнүгө берүү. *Бактылуу турмуш жаркырап, жеңишке жеңиш уланды* (Осмонкул). *Таңшыган булбул Токомдун, Таттуу сөзү уланган* (Калык).

**УЛАНДЫ** 1. Бир нерсенин кошундусу, улап жалганган бөлүгү. 2. Тексттин, сөздүн андан аркы бөлүгү, үзүндүсү, аягы. *Жарыш сөздүн уландысы. Докладдын уландысы.* 3. Сөз өзгөртүүчү мүчө. *Уланды мүчөлөр.*

**УЛАНДЫЛУУ** Кошумчасы менен, узартылган. *Уландылуу жип.*

**УЛАНТ** **улан** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЛАНТУУЧУ** Өзүнө жол көрсөткөн адамдын ишин, белгилүү бир идеяны, башталган ишти ж.б. андан ары өнүктүрүүчү, жолун жолдоочу.

**УЛАПА** 1. Сыйлык, тартуу, мактоо. *Сатсиялдык жеңишке, Барып турган кезеги. Жакшы наам улапа, Алып турган кезеги* (Тоголок Молдо). *Кызыл кымкап кийинип, улапага жорго алды* (Эл ырлары). 2. Төлөп берүү, ордун толтуруу. *Улапасын алгыла же болбосо кечкиле, Үчүкө, Түлкү.*

**УЛАР I** Кыргоолдор тобуна кирүүчү, тоодо жашай турган ири илбээсин куш. *Аскалардан ышкырган, улары бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

**УЛАР II** Уланып өөрчүп кетүү, ырбап кетүү, күчөп кетүү (көбүнчө оору жөнүндө). *Оорусу уларып кетти.*

**УЛАРПИЯЗ** *диал.* Көбүнчө тоонун күңгөйүнө, кумдуу шагыл бетке чыгып, түбү сүйрү келип, жерден араң эле кылтыйып өскөн өсүмдүк.

**УЛАРУУ** Улануу, созулуу.

**УЛГА: улга-чулга** Түйүн-түйүн кылып байлоо, чаташтыруу. *Улгап-чулгап байла.*

**УЛГАЙ** Бир топ жашка чыгуу, жашы илгерилөө (көбүнчө кары адамдарга карата). *«Улгайып баратам» десем, профессор илимге улгаюу тоскоолдук кылбайт – десе болобу* (Бейшеналиев).

**УЛГАЙЫҢКЫ** Бир аз карып калгандык. *Мурдагысынан улгайыңкы көрүнөт.*

**УЛГАЮУ** **улгай** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛЖАН** Чөптүн бир түрү.

**УЛКУН** Жинденип колу менен шилтегилөө. *Улкунбай-жулкунбай эле айт.*

**УЛОО I** **ула** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛОО II** Унаа. *Жобдур чалга бир кечейи, бир күндүз эмне улоо тапсаң ташып ал деп буйрук берди* («Эл адабияты»).

**УЛПАК** 1. Ун салдырганда эленип алынгандан кийинки эгиндин кабыгы. 2. Камыр жайганда жабышпас үчүн бетине себиле турган ун.

**УЛТАН** Бут кийимдин таманы. *Өтүктүн ултаны. Бөтөн элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол* (макал).

**УЛТАҢ** **ултан** менен бирдей.

**УЛТАҢ БЕТ** Уятсыз, абийирсиз (бети өтүктүн таманы маанисинде). Ушундай эле уятсыз, абийирсиз адам жөнүндө (анын бети бет эмес эле чокойдун таманы ж.б.) *Уялбас ултаң бетиби* («Манас» С.О.).

**УЛТАР** 1. Өтүк тигүү, жалпы эле бут кийим тигүү. *Кадырбайдын бутунда туюк ултарган бийик такалуу, оймологон кызыл соору өтүк* (Жантөшев). 2. Бут кийимдин тигиши. *Оң буттагысынын ултары сөгүлдү.*

**УЛТАРТ ултар** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЛТАРУУ ултар** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛУ** 1. Көбүнчө карышкырдын же иттин созуп үн чыгаруусу. *Уйлар мөөрөп, иттер улуду* (Токомбаев). *Бир маалда алыстан улуган карышкырдын үнү угулду* (Алыбаев). 2. Созулуңку уңулдоо (мис, ыйлаганда). 3. *өт.* Ызылдаган, зуулдаган созулуңку үн чыгаруу. *Кыпылдап аштык нечен куба белди, Бороону улуп турган кумдуу жерди* (Маликов).

**УЛУК I** 1. *эск.* Жогорку даражалуу башкаруучу, төрө. *Ынтымагы бар элдин, Адил болот улугу* (Барпы). *Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол.* (макал). 2. Улуу. *«Кыздын жолу улук болот» деп, күлүмсүрөдү Чолпон* (Байтемиров). 3. *диал.* Чүкө атаарда биринчи адам. *Ким улук болсо адегенде ошол атат.*

**УЛУК II** *диал.* Саздуу жерге өсүп, сүйрү баш чыгарып, анысы бышканда өзүнөн өзү чачырап кете турган өсүмдүк. *Улук суунун ичинде чыгат.*

**УЛУК БАШЫН КИЧИК КЫЛУУ** Жашынын улуулугуна, кызматынын жогорулугуна карабай өзүнөн төмөн же кичүү адамга кичи пейил мамиле жасап ага кайрылуу, кеңешүү же андан сурануу. *Улук башымды кичик кылып, жалынып-жалбарсам да ийигер түрү жок* (Айтматов). *Атайы, улук башын кичик кылып, кеңешке чакырып турса барбай коюш болбойт* (Касымбеков). *Эмне, ошолор үчүн мынчалык сабылып, улук башыңды кичик кылып, ортого түшкүдөй алар сенин атаңдын уулу беле, – деп таарыныч менен, ачуу менен күү-күү кетти* (Касымбеков). **В.: Улуу башын кичүү кылуу.** – *Жантай баатыр, улуу башыңды кичүү кылып жеке мен эмес, жалпы саяктын тоодой кадырмандарын бетиңе кармап келсең мен чанмак белем* (Бейшеналиев). *Балким, улуу башын кичүү кылып сүйлөшкөндө мынчалыкка барбайт беле?* (Абакиров). **Улуу боюн пас кылуу.** *Жапар балам улуу боюн пас кылып мынчалык бизге келип калыптыр* (Баялинов). **Улук боюн кичик кылуу.** *Улук боюңду кичик кылып ооз ачып калыпсың, кыз сенден айлансын!* (Тойбаев).

**УЛУКЕН** *диал.* Таштуу жерде экиден сабак алып, түбү аппак келип, жаш кезинде аны тазалап жешке жарай турган өсүмдүк.

**УЛУКМАН** Байыркы акылмандын аты. *Улукман жашка тойгон эмес, Карынбай малга тойгон эмес* (Эл сөзү). *Ура берсе үстү-үстүнө тепкилеп, Улукмандан дары ичсе да жанчылар* (Байзаков). *Билгичтиги Улукмандын өзүнүкүндөй.*

**УЛУКСАН** Жөнөкөй, бирок кадырын жоготпогон адам.

**УЛУКСУ** Өзүн кыйын, чоң, башкаруучу сезүү. *Ушул сөздү укканда, улуксунган Каракан, башы кетти шылк этип* (фольк.).

**УЛУКТА** Сый, кадыр көрсөтүү.

**УЛУКТУК** Башкарган адамдын абалы. *Кымбат абам кеп башта, улуктукту сен таштa* (фольк.).

**УЛУМА** 1. Улуган. 2. *өт.* Карышкыр.

**УЛУП-УҢШУУ.** 1. Узакка улуу, катуу улуу. 2. Узакка ыйлоо, улам токтоп, улам ыйлоо. *Уулу аскерге жөнөсө эр жетип, Улуп-уңшуп ыйлайт энеси* (Алыбаев). 3. Катуу ызылдаган, улам күчөп зуулдаган созулуңку үн чыгаруу. *Тышта бороон улуп-уңшуп, кар тозоңу удургуйт* («Ала-Тоо»).

**УЛУС** *тар.* Акимдик-аймактык бирдик.

**УЛУТ I** Тили, территориясы, экономикалык турмушу жана психикалык мүнөзү жагынан байланыштуулугу негизинде келип чыгып, ал маданиятынын жалпылыгынан көрүнгөн, тарыхый түзүлүшү бар эл, калк. *Улутка бөлүү такыр жок, Ушундай биздин айылда* (Айталиев).

**УЛУТ II** Улу этишинин аркылуу мамилеси. *Жөө калтырып бозортуп, ач бөрүдөй улуткан.*

**УЛУТ МАСЕЛЕСИ** Улуттар, элдер ортосунда, мамлекет ичинде жана мамлекет аралык байланышуу процессинде келип чыккан саясий, экономикалык, укуктук, идеологиялык ж.б. маселелердин жыйындысы.

**УЛУТМАН** Улуттун руханий, атуулдук ар намысын коргоочу, улутчул.

**УЛУТТАШТЫР** Ири ишканаларды, жерди, эл чарбасынын айрым тармактарын жеке менчиктен мамлекеттин менчигине өткөрүү.

**УЛУТТАШТЫРУУ улутташтыр** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМ** Адамдардын өздөрүн белгилүү бир улутка, этностук топко тиешелүүлүгүн түшүнүүсү.

**УЛУТТУК** Белгилүү бир улутка таандык. *Улуттук маданият. Улуттук оюндар.*

**УЛУТТУК КООПСУЗДУК** 1. Мамлекеттин, коомдун инсандын турмуштук зарыл кызыкчылыктарынын ички жана тышкы коркунучтардан корголгон абалы. 2. Өлкөдө согуш же жашоосуна, суверендүү жана көз карандысыз өнүгүүсүнө тыштан коркунуч келтирүү болбогон абал. 3. Мамлекетке бүтүндүк сактап, эл аралык мамилелер системасынын өз алдынча субъектиси катары чыгуусуна мүмкүндүк берген абал.

**УЛУТТУК МАМИЛЕЛЕР** Социалдык, этностук биримдиктердин, улуттук жана этностук топтордун, улуттук-мамлекеттик түзүлүштөрдүн ортосундагы коомдук мамилелердин түрү.

**УЛУТТУК САЯСАТ** Мамлекет тарабынан иш жүзүнө ашырылуучу, улуттук кызыкчылыктарды эске алуу, айкалыштыруу жана жүзөгө ашырууга багытталган чаралардын системасы.

**УЛУТТУК ТИЛ** Элдин улут болуп калыптанган кездеги, улуттук оозеки жана жазма формасынын пикир алышуу каражатынын кызматын өтөөчү тили.

**УЛУТУН** Кандайдыр бир ички кейиштүү, оор сезимдин кысымынын натыйжасында үшкүргөндөй терең дем чыгаруу, күрсүнүү. *Ышкынаалы кезек-кезек терең дем алып улутунгандан башка сөз айткан жок* (Байтемиров). *(улутунуп) э-э, байбиче, кайсыны айтасыз* (Жакиев).

**УЛУТУНТ улутун** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЛУТУНУУ улутун** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛУТЧУЛ** Улуттук ар намысты жак-тоочу, коргоочу. *Улутчул-социалист. Бур-жуазиялык улутчул.*

**УЛУТЧУЛДУК** 1. Улуттар арасында кастыкты күчөтүүгө, бир улуттун өзгөчө артыкчылыгын жактап, башка улуттарды жек көрүүгө багытталган. 2. Чет элдик кул кылуучуларга, колониализмге каршы элдин жана өлкөнүн көз каранды эместиги үчүн жүргүзүлгөн улуттук кыймыл.

**УЛУУ I** Айбандардын атынан түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебинин бешинчи жылы.

**УЛУУ II** 1. Өзүнүн мааниси, сапаты, деңгээли боюнча эң көрүнүктүү, эң жогорку, артыкча. *Токтогул – кыргыз элинин улуу акыны* (Токомбаев). *Бул миң жылдык улуу тойго таңданып, Бул улутка алкыш сөзүн камдаган* (Чойбекова). *Улуу адамдар жол карытат түбөлүк, Андайларда өлсө дагы өсүү жок* (Дөлөев). 2. Жашы жагынан жогору. *Жашы улуу. Эшимдин улуу баласы.* 3. Чоң, зор. *Айбала отту улуу жагып тамак-ашына киришти* (Жантөшев). *Күн улуу шашке болуп калды* (Жантөшев). *Букардын тоосу бурулуш, Бурулуп учат улуу куш* (Токтогул).

**УЛУУ III улу** этишинин кыймыл атоочу.

**УЛУУ ДӨӨЛӨТ** Улуу мамлекет. *Көрөгөн бабасынын улуу дөөлөтүн кантип калыбына келтирсе болот* (Абакиров).

**УЛУУ СӨЗ** 1. Абдан баалуу, өтө маанилүү, керектүү сөз. *Акылмандар айткан улуу сөздөрдү эч качан эстен чыгарбоо керек.* 2. Уят болсо да кээде айтылышы зарыл болгон сөз. *Улуу сөздө уят жок, алган кишиси жарашса бир уруу элге бел тутар берен туучу перизат экен* (Осмоналиев).

**УЛУУ ТУМОО** Жугуштуу жана балдар ооруганда, көбүнчө өлүмгө алып келүүчү чечек, кара чечек сыяктуу оорулардын тергөө иретинде айтылышы. *Чынар экөөбүздүн ортобуздан энем эки эркек төрөп, экөөнү тең улуу тумоо жарыктык алып кетиптир* (Сыдыкбеков). *Чечек чыкса «улуу тумоо» деп ырым кылып «кара кийик» деп аюунун этин берген* («Ала-Тоо»).

**УЛУУ ШАШКЕ** Ай көтөрүлүп же күн көтөрүлүп, түшкө жакындап калган маал. *Ай улуу шашкеден оогондо таң атты* (Жусупов).

**УЛУУЛУК** 1. Жашы боюнча улуу болгондук. *Улуулук кылам мен сенден.* 2. **Улуу II** маанисине таандык көрүнүштөр, сапаттар.

**УЛУУСУН** Өзүнүн жашынын улуу экенин көрсөтүү. *Улуусунуп мүнөз күт.*

**УЛЬТИМАТУМ** 1. Аткарылышын чечкиндүү түрдө талап кылган, эгерде аткарылбаса, дипломаттык мамилелер үзүлөт жана күч колдонулат деген талабы бар дипломатиялык нота. 2. *сүйл.* Коркутуусу бар талап. *Ультиматумду аткарууга бир күн, бир түн гана берилет* (Айтматов).

**УЛЬТРА** Татаал сөздөрдүн «эң эле», «өтө», «ашынган» деген маанини билдирүүчү биринчи бөлүгү, мис. ультракөк (спектрде кызгылт көк нурлардын ары жагында жаткан көзгө көрүнбөй турган нур).

**УМАЙ I** Абада уясы бар жомоктогу чымчык.

**УМАЙ II** 1. *миф.* Обо эне, уламыштагы адам баласынын биринчи энеси. *Адам ата, Умайдан, төгүп айтса – бир кызык* (Жеңижок). 2. *миф.* Жаңы төрөлгөн наристенин, аялзатынын, төлдүн жана түшүмдүүлүктүн, коломтонун колдоочусу. *Менин колум эмес, умай эненин колу. Умай энемдин дарысы. Умай эне колдосун.* 3. Төрөлгөн баланын тону.

**УМАЧ I** Ун, талкан же улпактын сууга коңур кургак кылып аралаштырылгандагысы.

**УМАЧ II умаш, маш** менен бирдей.

**УМАЧ АШ** Унду майга кууруп, суу куюп, кайнаганда ага камырды майдалап үзүп жасаган суюк тамак.

**УМАЧТА** Ун, талкан же улпакты сууга коңур кургак кылып аралаштыруу, ыптоо.

**УМАЧТАЙ КӨЗҮ АЧЫЛУУ** *к.* **көзү умачтай ачылуу.**

**УМАЧТАЛ умачта** этишинин туюк мамилеси.

**УМАЧТАТ умачта** этишинин аркылуу мамилеси.

**УМАЧТОО умачта** этишинин кыймыл атоочу.

**УМАШ** Төө буурчак, чоң буурчак. *Кудай берсе сендейди, Көзүңдү умаштай ачамын, Каныңды суудай чачамын* («Семетей»). *Семе-*

*тей чочуп ойгонуп, Ок жыландай толгонуп, Умаштай көзү ачылып* («Семетей»).

**УМАШТА умачта** менен бирдей.

**УМАШТАЙ умачтай** менен бирдей.

**УМСУН** 1. Үмүттөнүү, үмүт кылып кароо. *Ата-энеси келди деп, умсунгандар болор* (Баялинов). *Отургандыр умсунуп коюп, Эрбеңдеген жаным чабайын* (Момунова). 2. Үмүттөнгөн нерседен алданып калуу, көңүл калуу. *Жигиттин кылчайбастан чыгып кетишине умсуна түштү.*

**УМСУНТ умсун** этишинин аркылуу мамилеси.

**УМСУНУУ умсун** этишинин кыймыл атоочу.

**УМТУЛ** 1. Алдын көздөй жүткүнүү, бир нерсеге жетүү үчүн обдула илгерилөө. *Алым чакадагы муздак сууга умтулду* (Жантөшев). 2. Улам алга карай өсүүгө же кандайдыр бир жаңылыкка жетүүгө аракет кылуу. *Биздин жаштар коммунисттерче иштөөгө, илимдин жаңылыктарына жетүүгө умтулуп жатышат* («Коммунист»).

**УМТУЛДУР умтулт** менен бирдей.

**УМТУЛТ умтул** этишинин аркылуу мамилеси.

**УМТУЛУУ умтул** этишинин кыймыл атоочу.

**УМУРАЙ ЖУРТ** *к.* **жумурай журт.**

**УН** Дан эгиндеринен чийки бойдон эң майда тартылган азык. *Балдар ойноп чөнтөгүнө салып жейт, Боорсок кылам ак буудайдын унунан* (Осмонов).

**УНА ына, ынануу** менен бирдей.

**УНАА** 1. Жүк артылуучу жана минип жүрүүчү мал. *Күч унаа. «Бир теминдик унаа бер, Буудай басам» деп айтат* («Манас»). 2. Транспорт каражаты.

**УНААЛУУ** Унаасы бар адам.

**УНАР** Созулуп суйдаң чыккан бозомук түтүн.

**УНАТ уна** этишинин аркылуу мамилеси.

**УНИВЕРМАГ** Ар түрдүү өнөр жай товарларын сата турган дүкөн. *Биз кирген там кездемеге тирелген, Түркүн малдуу универмаг өзү экен* (Токомбаев).

**УНИВЕРСАЛ** 1. Ар тараптуу, көп нерсеге жарай турган. 2. Түрдүү кесипти билген адам, ар түрдүү адистикти билген, ар өнөр колунан келген адам.

**УНИВЕРСАЛДЫК** 1. Түрдүү жактуу, ар түрдүү нерсени өз ичине алган, түрдүү максатка жарай турган. *Универсалдык магазин.*

**УНИВЕРСИТЕТ** 1. Ар кандай гуманитардык жана табигый-математикалык бөлүмдөрү (факультеттери) бар жогорку окуу жайы жана илимий мекеме. *Кыргыз Мамлекеттик Университети. 2.* Жалпы билимдерди жана илимий-саясий билимдерди жогорулатуу боюнча окуу иштерин жүргүзүүчү мекемелердин аты.

**УНИКАЛДУУ** Өтө сейрек учуроочу, өзгөчө, жеке көрүнүштөгү. *Уникалдуу окуя.*

**УНИКУМ** Өтө сейрек учуроочу, бир гана экземплярда кезигүүчү, окшошу жок нерсе.

**УНИСОН** *муз.* 1. Эки же андан көп добуштардын бирдей чыгышы. 2. Эки же андан көп аткаруучулардын бир музыкалык чыгарманы бирдей бийиктикте аткарышы.

**УНИТАРИЗМ** Экономикада, саясатта, маданиятта борборлоштуруу тенденцияга мүнөздүү унитардык негизде мамлекеттик курулуш принциби.

**УНИТАРИСТ** Унитаризмдин жолун жолдоочу.

**УНИФИКАЦИЯЛОО** Бир түргө, бир формага келтирүү.

**УНИФОРМА** 1. Бирдей формалуу кийим, атайын бир убакытта, кандайдыр бир топ үчүн арналган кийим.

**УНУТ** 1. Эстен чыгып кетүүчүлүк, унутулуп калган абал. *Ушул күндөр унут болор бекен? – деп Бурмаке өзүнчө кобурайт* (Элебаев). *Согуш дегендин атын унутсак...* (Жакиев). 2. Эстен чыгып коюу, эстен чыгып кетүү. *Унуттум черткен комузду, Улардай чыккан добушту* (Токтогул). *Унутканын эсине түшүргөн кичине Динар, селтең этип чоң энеге бурулду* (Сасыкбаев). *Мага түк келбей койдуң да, же мени унуттуңбу?* (Жакиев).

**УНУТКАР** Унутуу, алаксытуу, эстен чыгаруу. *Ойлоду, унуткарсын кантип элим, Кармашта өлгөн эрди мекен үчүн* (Нуркамал).

**УНУТКАРТ унуткар** этишинин аркылуу мамилеси.

**УНУТКАРУУ унуткар** этишинин кыймыл атоочу.

**УНУТКАРЫЛ унуткар** этишинин туюк мамилеси.

**УНУТУЛ унут** этишинин туюк мамилеси.

**УНУТУЛГУС** Эстен чыккыс, унутулбай турган. *Дени менен жоо танкасын токтотуп, Унутулгус эрдик кылган билемин* (Маликов).

**УНУТУУ унут** этишинин кыймыл атоочу.

**УНУТЧААК** Эсинен тез чыгарып коюучу, тез унутуп калуучу. *Чоң ата карыгандыгынан унутчаак боло баштады.*

**УНУТЧААКТЫК** Эсинен тез чыгарып коюучулук, тез унутуп калуучулук. *Ушул аз эле күндүн ичинде энеге унутчаактык да жармашты* («Ала-Тоо»).

**УНЦИЯ** *экон.* 1. Аптекардык иште пайдаланылган эски өлчөм бирдиги (29, 86 *г*.). 2. Англиянын соода монетасынын салмактык бирдиги. 3. Испандык эски алтын тыйындар.

**УНЧУГУУ унчук** этишинин кыймыл атоочу.

**УНЧУК** Үн чыгаруу, сүйлөө, дабыш чы-

гаруу. *Каныбек бир топко унчукпай турду* (Жантөшев). *Ачуусу келсе да Ракыя токтоолук кылып унчуккан жок* (Байтемиров).

**УНЧУКПАС** *диал.* Кек мылтыгы.

**УНЧУКТУР унчук** этишинин аркылуу мамилеси.

**УҢГУ** 1. Балта, кетмен, керки ж.б. куралдардын сабы ашталып бириктириле турган бөлүгү. *Уңгусу карыш чоң кетмен, Кол учунда ойносун* (Осмонкул). *«Балтанын уңгусу тиет, этиет бол» дегендер да болду* (Байтемиров). 2. Сөздүн мүчөлөргө ажырабаган негизги бөлүгү. *Уңгу сөз.*

**УҢГУЛУУ** Негиздүү, өзөктүү, улантууга боло турган (иш же сөзгө байланыштуу гана колдонулат). *Уңгулуу иш баштаган экенсиң иним, ишиң илгери болсун* (Бейшеналиев). *Алымбай аксакал баштаган уңгулуу кеп узакка уланды* («Кыргызстан маданияты»).

**УҢГУЧУ** *диал.* Ар кайсы койду же эчки менен уйду ээмп үйрөнүп алган козу.

**УҢГУЧУЛ** Айлалуу, эпчил.

**УҢГУЧУЛУК** Шамдагайлык, машыккандык, маштык.

**УҢКУЙ** Башын төмөн салып үңкүйүп отуруу. *Байлоого түшкөн кулдай уңкуйуп отурат.*

**УҢКУЙТ уңкуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**УҢКУЛ: уңкул-чуңкул** Өңгүл-дөңгүл, текши эмес. *Ал машина уңкул-чуңкул бурулуш жерлер келе калса кашаңдай, чайпала түшөт.*

**УҢКУЮУ уңкуй** этишинин кыймыл атоочу.

**УҢУЛДА** Улуган сыяктуу созулуңку үн чыгарып ыйлоо.

**УҢУЛДОО уңулда** этишинин кыймыл атоочу. *Анысын эч ким карап койбогон соң, Уңулдап ыйлап ийген башын салып* (Токтогулов).

**УҢШУ** Улугандай аянычтуу, созулуңку үн чыгаруу. *Уңшуган үн.*

**УҢШУЙ уңкуй** менен бирдей.

**УПА** Косметикалык жана гигиеналык максатта пайдаланылуучу жыттуу, өтө майда жана эң жумшак зат. *Упа эндиги жок туруп, кызы сулуу Керме-Тоо* (фольк.). *Эндик, упа, каркыра, Кыз балага жарашар* (Токтогул). *Үлбүрөгөн тамагың, Упадай болуп агарган* (Боогачы).

**УПАА** *диал.* Үзүр. *Малды саап ичип упаа көрүңүз деди.*

**УПАЙ** Эки тарап болуп, отуруп алып, көп чүкө менен ойнолуучу оюн. *Чүкөсүндөй упайдын, Койлор жатат жыбырап* (Үмөталиев).

**УПАЛА** Упа сүйкөө, упа сыйпоо. *Бетин упалады.*

**УПАЛОО упала** этишинин кыймыл атоочу.

**УПАТ БОЛГУР!** Таш-талканың чыккыр, кыйрагыр, жок болгур деген сыяктуу каргап-шилөө, тилдөө маанисинде колдонулат. **В.: Устуканың упат болгур.** *Устуканың упат болгурдун малы каптап кетиптир* («Ала-Тоо»).

**УПАТ** Талкалануу, кыйроо, бырын-чырын, таш-талкан. *Упат кылып сөөгүн, Жети баштуу кемпирди, Сексен бөлүп кетиптир* («Эр Төштүк»).

**УПОЛНОМОЧЕН** Белгилүү бир иштерди иштөө, текшерүү ж. б. укуктар менен жиберилген киши, өкүл. *Райондон келген уполномочендер, митинг өткөрүшүп, журтту биримдикке, даярдыкка чакырууда* (Сыдыкбеков).

**УПОЛНОМОЧУН уполномочен** менен бирдей.

**УПУРА** Майдалап бөлүнүү, үбөлөнүү.

**УПУРАТ упура** этишинин аркылуу мамилеси.

**УПУРОО упура** этишинин кыймыл атоочу.

**УПЧУ** 1. Ымыркайды убактылуу алаксытып сордуруу үчүн атайы ылайыкталып жасалган кичинекей туюк резина түтүкчө. *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев). 2. Бөтөлкөнүн оозуна кийгизип, жаш балдарга же жаңы туулган козу-улактарга сүт берүү үчүн колдонулуучу туюк уч жагында кичинекей тешиги бар резина түтүкчө. *Жаш козуларга оозантып, Упчу менен сүт бердим* (Баялинов).

**УПЧУН** *диал.* Бүркүттүн тырмактарын кептеген тери кеп. *Бүркүтчү колбоор, туур, томого, упчун жасабаса болбойт.*

**УР I** 1. Дененин өзгөчө болуп уркуюп чыгып турган бөлүгү. *Ур желке.* 2. Уюл. *Кайыңдын уру.*

**УР II** 1. Токмоктоо, таяктоо, сабоо. *Адилет болсоң текшерчи, Кедейди байлар урганын* (Токтогул). 2. Чабуу, сого шилтөө, кагуу, коюп жиберүү. *Күчү менен күрс-күрс урган балканын, Шыгын төксүн шыркыраган көк жалын* (Осмонов). *Өзүнө бычак ур, оорубаса кишиге ур* (макал). 3. Бир нерсени көздөй атып ыргытуу. *Айсулуу карап туруп арт жагынан, Бир кезде алма менен уруп качты* (Үмөталиев). 4. Куруу, согуу. *Күмүштөн дубалургандай, Чырагың жанып тургандай* (Барпы). 5. Белги салуу, басып из түшүрүү. *Геологдор болсо, «баланча жерде көмүр* бар*» деп гана белги урушат* (Сасыкбаев). 6. Кагуу. *Элебес чотун урган сайын Акиясынын басканын эстеп турат* (Сыдыкбеков). *Үн алышып гудоктору күркүрөп, Коммунизм коңгуроосун ургандай* (Токомбаев). 7. Башка сөздөр менен кошулуп каргыш, наалат, каргап-шилөө же тилдөө маанисиндеги сөздөр колдонулат. *Алдап*

*айттың сөзүңдү, Ант урсун сенин өзүңдү* («Манас»). *Антынан тайган кыргызды, Арбагы урсун Манастын* (Маликов). *Туз урсун* (Токтогул). *Каргыш урган* (Абдукаримов). *Көк урсун* (Сыдыкбеков). 8. Атооч сөздөргө кошулуп, алардын кыймыл-аракетти, ал-абалды көрсөткөн маанисин билдирүү үчүн колдонулат. *Кам урду. Кеп урду. Док урду. Чабак урду.*

**УР-БЕРГЕ АЛУУ** Жемелеп, опузалап, коркутуп коюу. *Садырдын ачуусу келип инисин ур-берге алып катуу урушту* (Бердикеев). *Темирлан тек жайынча жүргөн жолоочуну ур-берге алып ызалаптыр* (Сыдыкбеков). **В.: Ур тепкиге алуу.** *Ок, обу жок! – деп чалды да, кемпирди да ур-тепкиге алып чыйралтат* (Жусупов).

**УР ТОКМОК** 1. Жомоктордо айтылуучу, өзү эле уруп кирүүчү токмок. 2. Бирөөлөргө курал катары болуп анын шилтөөсү, тукуругу менен кысым көрсөтүүчүлүк, кордоочулук деген мааниде. *Мына буга окшогон ур токмоктордун бүтөр күнү жакындап калды* (Абдукаримов). *Жокчулукка, ысык-суукка чыдаш мүмкүн, бирок мына мындай ур токмокко, адилетсиздикке чыдоого мүмкүн эмес, ата* (Абдукаримов). 3. Бетин ачып ашкерелөөчү, сындоочу деген мааниде. *Төбөлдөрдүн башына ойноочу ур токмогум – сөзүм, ырым* (Бейшеналиев).

**УРА** Бузулуп, кыйрап жогорудан төмөн кулоо, кемирилип, ажырап түшүү (мис, дубал). *Ал зоолор азыр ураган, Ат жүрбөгөн жерлерден, Автомобиль чубаган* (Үсөнбаев).

**УРАА** 1. Атакага чыкканда демилгелөө иретинде колдонулат. «*Кош эне, кош элим*» *– деп, артына бурулуп айтып болуп, – ураа айтып жөнөдү* (Сыдыкбеков). 2. Кубаттоо, салтанаттуу мүнөз берүү иретинде колдонулат. *Иничектер, жеткинчектер, Сыймык сага Ураа! Ураа! Кол чабабыз кубана* (Нуркамал).

**УРААЛА** «Ураа!» Ураа!»деп кыйкыруу. *Таланттар бар «Ураалар!» күтүп турган, Гений сөз бар, адамдар окуша элек* (Султаналиев). *Атака коюп ураалап, Согушка кирдим, энеке* (Шүкүрбеков).

**УРААЛАТ ураала** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРААЛОО ураала** этишинин кыймыл атоочу.

**УРААН** 1. Чакырык. *Майданга чыкты бакырып, Манастап ураан чакырып* (Баялинов). 2. Уруу, тукум, эл. *Урааның ким, жериң ким? Уругуң ким, элиң ким?* («Эр Төштүк»). 3. Жетекчиликке алынган идеяны, милдетти же саясий талапты кыскача формада көрсөткөн чакырык, лозунг. *Партиянын алга койгон ураанын, Орундоого милдеттүүбүз аянбай* (Токомбаев). *Жазгы айдоого карата ураандар жазышып, дубалга илишти* (Сыдыкбеков).

**УРААНЧЫЛ** 1. Ураан талашкан, өз ураанын жактаган, жаатчыл. 2. Демилгечил же тескерисинче, ураалаган салтанаттуу сөздөрдү жакшы көргөн.

**УРААТ** *диал.* Урук-тууган. *Ураат-жураатты менен келиптир.*

**УРАМАЛ** Талкаланган, уралган.

**УРАН** Радиоактивдүү химиялык элемент.

**УРАНДЫ** Урап түшкөн, кулаган же кыйрап калган дубалдын, үйдүн ж. б. жалпы аталышы. *Ата Мекендик Согушта ондогон шаарлар урандыга айланды. Чечинип таштап кепенин ичиндеги урандыларды тазалоого кириштим* (Касымбеков).

**УРАТ ура** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРБАНИЗАЦИЯ** Мамлекеттин турмушунда шаарлардын маанисинин жогорулашы, басымдуу орун ээлеши, шаарлардын көбөйүшү.

**УРБАНИЗАЦИЯЛОО** Шаарларды курууну теориясы жана практикасы, шаар куруу.

**УРБАНИСТТИК ПОЭЗИЯ** *адаб.* Ири шаарлардын кыйма-чийме турмушун, алардагы техникалык, өнөр-жайдын, курулуштун башаламан өсүп-өнүгүшүн, шаардык калктын ошол өздөрү жашаган калаа менен байланышын, кыскасы, шаар турмушунун карама-каршылыктарын сүрөттөгөн ырлар.

**УРГААЛ** Өзгөчө катуу темп менен. *Ургаал заман.*

**УРГААЛДУУ** Өзгөчө катуу темптеги. *Ургаалдуу иш.*

**УРГААЧЫ** 1. Жынысы жагынан эркекке карама-каршы ар кандай жан. *Ургаачы музоо.Ургаачы улак. 2. сүйл.* Аял, кыз. *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы* («Эр Төштүк»).

**УРГАЛ** *диал.* Сабагы чың келген өсүмдүктүн аты.

**УРГАН** Кем, санда жок деген сыяктуу мааниде жамандыгын көрсөтүп, көбүнчө кемсинтүү иретинде колдонулат. *Кара карга үндөнүп, Каркылдаган урганым!* (Токтогул). *Эки дан да тийбептир, Эринген жалкоо урганга* (Үсөнбаев).

**УРГУ** Сүмбө, шомпол. *Кыргы менен кыргылап, Ургу менен ургулап* («Семетей»).

**УРДУР ур** этишинин аркылуу мамилеси. *Урган киши – дөң менен, урдурган киши – жол менен* (макал).

**УРДУРУУ же УРДУРА БЕРҮҮ** Бир нерсенин туура же туура эмес экендигине карабай сүйлөй берүү (о.э. ырдоо, жазуу, иштөө ж.б. карата).

**УРКУГУЙ** Оркоюп чыгып турган, алга чыгып турган.

**УРКУЙ** Уруюп өзгөчө бөлүнүп чыгып туруу. *Уркуйган ташты кестирип, Машина жүрчү жол кылды* (Барпы). *Эки бетинин сөөгү уркуйган.*

**УРКУЙТ уркуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРМА** *диал.* 1. Карагай сүйрөтүүдө колдоно турган чагарагы бар учтуу темир. 2. Дубал согууда колдонула турган курал. *Тезекбай үй-бүлөсү менен урма дубал тургузуп жаткан учуру* (Маликов). *Урма там.*

**УРМАТ** Ардактоого, барктоого татыктуу болгон кадыр, сый, ызаат. *Ушакчы болгон жигиттин, Урматы болбойт калкына* (Токтогул). *Жашка – кызмат, карыга – урмат* (макал). *Ушакчы болгон жигиттин, Урматы болбойт элине* (Санат).

**УРМАТТА** Ардактоо, кадырлоо, сыйлоо, урмат көрсөтүү. *Урматтап башымды ийип, салам айттым* (Үмөталиев). *Мурдагыдан ого бетер артылат. Урматыбыз Сизге (Айтматовго) болгон сүйүүбүз* (Акматалиев).

**УРМАТТАЛ урматта** этишинин туюк мамилеси.

**УРМАТТОО урматта** этишинин кыймыл атоочу.

**УРМАТТУУ** Кадырлуу, ардактуу, жогорку даражадагы. *«Урматтуу Чыңгыз Төрөкулович» – деп эми кайрылбайбыз.*

**УРНА** 1. Жашырын добуш берген кезде шайлоо бюллетендерин салуу үчүн атайын ылайыкталып жасалган ящик. 2. Көчөлөргө же көпчүлүк орундарга шыпырынды, таштанды салуу үчүн коюлуучу идиш, ящик.

**УРОЛОГ** Заара бөлүп чыгаруучу жолдордун оорусун изилдөөчү, дарылоочу адис, врач.

**УРПАЙ** *диал.* Упай.

**УРПАК** Келечекки, жаш укум-тукум. *Биздин кылым укмуш сонун. Укмуш эмгек калса экен! Бул кылымдын толук сыры, Урпактарга барса экен!* (Токомбаев). *Баатырдан калган шумкарым, Бабадан калган урпагым* («Семетей»).

**УРУЙ** Томпоюп чыгып туруу уркуюп туруу. *Чөккөн төөнүн тизесиндей уруюп турат* (Сыдыкбеков).

**УРУЙТ уруй** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРУК** 1. Үрөн, үрөндүк дан, тукумдук дан. *Сап-сап кылып жөөктөп, Сапаттап урук септирген* (Осмонкул). *Карып Култай аксакалдан урук сурап алып сабиз, пияз, коон-дарбыз эгип коюуну ойлоду* (Абдукаримов). 2. Уруу, тукум. *Анжыянда туругу, Адигине уругу* (Тоголок Молдо). *Болот миңбашынын уруктарынын бирөө менен уруша кетти* (Абдукаримов). 3. Ургаачы балыктын майда-майда тукумдук жумурткалары, икра. 4. Адамдын, айбандардын эркектик тукумдун суюктугу.

**УРУКСАТ** Кандайдыр бир ишти иштөөгө, жөнөөгө ж.б. макулдук. *Уруксат сизге, Осоке, Узата бергин ар жагын* (Үсөнбаев). *– Бул катты мага уруксат этиңиз, мен сактап жүрөйүн,– деди Күлай* (Сыдыкбеков). *Турган өңдүү Махабаттын чегинде, Уруксат жок, акым да жок кетүүгө* (Акматалиев).

**УРУКТА** Урук байлоо, урук пайда болуу.

**УРУКТАЛ** *диал.* Себилүү. *Жазгы буудай урукталды.*

**УРУКТАН урукта** этишинин өздүк мамилеси.

**УРУКТАНДЫР** Куудуруу, каратуу.

**УРУКТАНДЫРУУ уруктандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**УРУКТАШ I** Бир уруктан, бир тукумдан. *Урукташ тууган жапжакын* («Саринжи-Бөкөй»).

**УРУКТАШ II** Урук-урукка бөлүнүү, туугандашып кетүү. *Урукташа кетишти.*

**УРУКТУК** Атайын урук кылууга арналган, сакталган. *Уруктук дан.*

**УРУЛ ур** этишинин туюк мамилеси.

**УРУЛУУ** 1. Масса, көптүк, көп уруучулук. *Урулуу журттан айрылып, уктап жатып албасын* (фольк.).

**УРУМ** Уруунун, согуунун бир жолку күчү. *Жанына келген немени бирурум менен жыкты* («Ала-Тоо»).

**УРУМ МЫЛТЫК** Рим жактан ооп келген мылтык, согуш куралынын аталышы. *Керегесинде тогуз мылтык, ичиндеги уруму мылтык, өңөрүп алды Болот* («Эл адабияты»). *Уландар урум атсын деп, Урматка журтум батсын деп* («Манас»).

**УРУМДАН АШКАН** Бардык жагынан келишкен, эч нерсеге тендеши жок, абдан жогору турган. *Ушу доорум барында, Урумдан ашкан кызды тандаймын* («Курманбек»). *Менин ыкыбалыма балеттин насили асыл, руху бийик, урумдан ашкан улуу көзөлүн көрүп-билүүнүн бактысы туш келгенине курсантмын.*

**УРУН** 1. Башка бир нерсеге тийүү, кагышып калуу. *Өзүңө урунбас үчүн, өзгөгө жарык кыл* (макал). *Эшиктен кире бередe босогого урунуп алды* (Жантөшев). *Ынтымак бузулбасын ырыскылуу, Темирге урунбасын ыйык жолдор* (Абдалова). 2. Көзгө көрүнүү, көзгө чалдыгуу, учуроо. *Акбар чыгышка бурулду эле, көтөрүлүп келаткан күндүн нуруна көзү урунду* (Убукеев). *Ал анчалык көзгө урунбаган оор мүнөздүү токтоо жигит боло турган* (Сыдыкбеков). 3. Пайдалануу, колдонуу. *Динар Аскардын таптаза урунган күндөлүгүн. булгап койгонуна өкүндү* (Сыдыкбеков).

**УРУНДУ БОЛУУ** Кагылып-согулган, урунду-беринди болгон абалга туш келип, катуу кыйналып калуу. *Жолго келип, урунду болуп калган өңдөнөт.*

**УРУНТ I: урунт жер** Жолдордун келип кошулушкан же кандайдыр иштин түйүндүү жери.

**УРУНТ II урун** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРУНТТУУ** Негизги. *Урунттуу маселе.*

**УРУНУЛ урун** этишинин туюк мамилеси. *Урунулбаган буюм.*

**УРУНУУ урун** этишинин кыймыл атоочу.

**УРУНЧУК** Бир нерсенин уркуюп, өзүнчө бөлүнүп чыгып турган жери. *Жамал асканын тик жакка бетине карай басып, бир таштын урунчугун кармап тура калды* (Жантөшев).

**УРУУ I** 1 Өз ара туушкандык мамиледе болгон адамдардын тобу. *Чалдар Даниярдын кай уруудан экенин да таап беришти* (Айтматов). 2. *өт.* Түр, түркүм. *Ар уруу өсүмдүктөргө толтурулган бир нече папкалар пионерлер бөлмөсүнө коюлган* (Сыдыкбеков).

**УРУУ II ур** этишинин кыймыл атоочу.

**УРУУЛАШ I** Бир уруунун тобуна кирүүчү, бир уруудан, уруусу бир.

**УРУУЛАШ II** Уруу-урууга бөлүнүү, туугандашып жаатташа кетүү. *Уруулашып силер мага жеткенче, Далай бар – деп, уят кылып таштачу* (Токомбаев).

**УРУУЛУУ** 1. Ар түрдүү уруусу бар, уруулары көп. *Көп уруулуу айыл.* 2. Ар түрдүү, түркүн-түркүн. *Сан уруулуу, Сан эл барат поездде* (Элебаев).

**УРУУЧУЛДУК** Уруунун таламын талашкандык, уруу-уруу болуп бөлүнүүчүлүк.

**УРУУЧУЛУК уруучулдук** менен бирдей.

**УРУШ I** 1. Мушташ, чатак, чыр, жаңжал. *Уруштун башы тилдешүү* (макал). 2. Согуш. *Баатырдын көркү урушта* (Токтогул). *Кашкайып отрядга ал бет баккан, Өзү жаш уруш жайын билбесе да* (Токобаев).

**УРУШ II** 1. Мушташуу, жанжалдашуу. *Кебек карыя Андрейге азыр барып, Барпы менен уруша тургандыгын айтты* (Байтемиров). 2. Согушуу. *Кызыл кан төгүп урушуп, Эркиндиктин кызыл туу, Көкөлөгөн ушул ай* (Осмонкул).

**УРУШТА ТУРУШ ЖОК** Кандайдыр бир нерсеге токтоосуз киришели, карап турбайлы, тарткынчыктабайлы деген мааниде. *Биздин жумушту бирөө иштеп бербейт, урушта туруш жок* (Бердикеев). *Урушта туруш жок, жүр, азыр эле барып сүйлөшө коёлу* (Борбиев). *Урушта туруш жок. Аттанабыз. Бүгүн эл орунга отурганда аттанабыз* (Касымбеков).

**УРУШТУР уруш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УРУШУУ уруш** этишинин кыймыл атоочу.

**УРУШЧААК** Чыр-чатак чыгарганды, урушканды жакшы көргөн. *Катынын урушчаак болсо, элим тынч деп ойлобо* (макал). *Курсагы ачкан – урушчаак* (макал).

**УРУШЧААКТЫК** Чыр чыгаруучулук, чатак чыгаруучулук, урушканды жакшы көргөндүк.

**УРУЯТ** 1. *эск.* Эркиндик, азаттык. 2. *эск., сүйл.* Совет бийлиги. *Уруят алдында даттапшай эле бирди эки кылып төлөйүн* (Сыдыкбеков).

**УРЧУК** Тоонун учтуу, тар жери. *Жарганаттай жабышып бир таштын урчугун кармап турат.*

**УСКАТ** Сырткы кебете. *Ускатың бөлөк көрүнөт* (фольк.).

**УСТА** 1. Өз ишин абдан мыкты билүүгө жетишкен кылдат адис, чебер. *Кыргызга даңктуу Зууракан, Кызылчанын устасы* (Осмонкул). *Адам өмүрдүн туткасы, турмуштун устасы болот тура!* (Жантөшев). 2. Темирчи, жыгаччы. *Жыгач усталары станцияга өз жумуштары менен келип жатышат* (Сасыкбаев).

**УСТАВ** Кандайдыр бир уюмдун түзүлүшүн жана иш аракетин аныктоочу эрежелердин, жоболордун жыйындысы, кандайдыр бир нерсени колдонуу же ишти аткаруу тартибин белгилей турган эрежелердин жыйындысы. *Партиянын уставы. Айыл чарба артелинин уставы.*

**УСТАЗ** *диал.* Устат. *Устазыдан шакирти өткөн.*

**УСТАКАНА** Усталар узануучу жай. *Жакыпка колхоз устакана салып берген* (Бейшеналиев). *Акбар чаңкылдаган балканын үнүн улап устаканага кирди* (Убукеев).

**УСТАЛЫК** 1. Жыгаччылык, темирчилик, устанын кесиби, өнөрү. *Бекжан төрт-беш айдан кийин өз алдынча усталык кылууга жарап калат* (Абдукаримов). *Колунан көөрү төгүлгөн усталыгы бар эле* (Токтогул). 2. Чебердик, кылдаттык, адистик. *Токтор аксакал сөздү өтө усталык менен бөлүп кетти* (Абдукаримов).

**УСТАРА** Сакал, мурутту жана чачты алуу үчүн колдонулуучу көбүнчө бүктөлмө бычак түрүндөгү абдан курч аспап. *Актан ата устарасын куруна жанып, курчутуп жатты* (Бейшеналиев).

**УСТАТ** 1. Үйрөтүүчү, бир нерсенин ыгын, жолун көрсөтүүчү, тажрыйбасын үйрөтүүчү. *Мени оймочулуктун асыл өнөрүнө үйрөткөн устатым.* (Касымбеков). *Устат акындын ою көп, сөзү аз* (макал). *Устатынан шакирти өтөт* (макал). 2. Уста, чебер адис, мастер. *Өз ишинин устаты. Мол түшүмдүн устаттары. Мал чарбасынын устаты.*

**УСТАТТЫК** Кылдаттык, чебердик, уздук. *Уста кандай болсо, устаттык ошондой* (макал). *Бүбүш жаш күнүнөн тартып эле үй ишине сарамжалдуулугу, иш жагына устаттыгы менен элге атыккан эле* (Таштемиров).

**УСТУКАН** Сыйлуу коноктorго тартылуучу жилик. *Чоң эне баш табактан устукан алды* (Сыдыкбеков).

**УСТУКАН СӨӨК** Жалпы эле сөөк-саак, мүчө. *Омурткасы оркоюп, Устукан сөөгү коркоюп* («Сейтек»).

**УСТУКАНДА** Бир аз өлчөмдөгү этин калтырып, жиликтин, сөөктүн этин ажыратуу, устукан чыгаруу. *Түлкүбек Күмүшкө бир жамбашын гана устукандап берди* (Жантөшев).

**УСТУКАНДАТ** **устуканда** этишинин аркылуу мамилеси.

**УСТУКАНДАШ** **устуканда** этишинин кош мамилеси.

**УСТУКАНДОО** **устуканда** этишинин кыймыл атоочу.

**УСТУКАНЫ КАЧУУ** Этинен түшүп кичирейген, кейпи кетип жүдөгөн, чүнчүгөн көрүнүштө болуу. *Бул бечаранын устуканы качып калыптыр* («Ала-Тоо»). *Устуканы качып кер сары болгон киши көзүмө бир эсе коркунучтуу, бир эсе аянычтуу көрүндү* (Өмүрбаев).

**УСТУКАНЫ УПАТ БОЛУУ** Таптакыр жок болуу, ойрону чыгуу, чирип жоголуу. *Окууму бүтүп мен да кеттим. Андан бери он алты жыл өттү. Тиги киши тирүү болсо алтымышка таяп, өлсө устуканы упат болгондур* (Өмүрбаев). *Атам замандан бери ошол ач бел, куу жондо сандаган мал-жандын устуканы упат болбоду* (Өмүрбаев).

**УСТУКАНЫҢ УПАТ БОЛГУР** Жок болгур, ойронуң чыккыр деген өңдүү каргапшилөө маанисинде колдонулат. *Устуканың упат болгур! Алиги аракеч ит жедеп эле жүрөгүн түшүрүп салган тура!* (Өмүрбаев).

**УСТУН** 1. Сомдолгон, бутактары жок узун жоон жыгач. *Жыгаччылардын бири курч балтасын жалантып устун сомдосо, бири тактай жылмалайт* (Сыдыкбеков). 2. Үйдүн төбөсүнө, потологуна коё турган узун жоон жыгач. *Суусамырга эки бөлмөлүү бир үй тургузуу үчүн, эң жок дегенде эки, устун керек, чабактарын болсо, эптеп жеткиребиз* (Байтемиров).

**УСУЛ** 1. Ыкма. *Усулун ар иштердин билгизүүгө Ичинде кишиси жок илим билер* (Тагай). *Жаңы усул.* 2. Калыптанган ык, адат. *Усулу жок өскөн курган жан, сымбатсыз өсүп калыпмын.* 3. *диал.* Шык, жөндөм өнөр. *Коркоктун жүрөгү жок, чоркоктун усулу жок.*

**УТ** 1. Ар түрдүү оюндарда же спорттук мелдештерде жеңүү, жеңип чыгуу. *Оюндун акыры жакындап калды... кимиси топ түшүрсө эле, утуп чыкканы турат.* 2. Оюнда же заём, лотерея утуштурганда тиешелүү өлчөмдөгү утушту алуу. *Абалдан берки мөрөйдү, Табылды бүгүн утту дейт* («Эр Табылды»). 3. Пайда көрүү, артыкчылыкка жетишүү, ийгиликке жетишүү. *Ар-намыс, бул бир жарыш, оюн-кумар, Талыкпай ким иштесе ошол утар* (Үмөталиев).

**УТИЛИЗАЦИЯ** Иштен чыккан нерсени, таштандыны кайра иштетүү, керекке жаратуу.

**УТИЛИТАРДЫК** Керектөөчүлүк, пайдакечтик. *Утилитардык көз караш. Утилитардык мамиле.*

**УТИЛИТАРИЗМ** Бардык нерседен материалдык пайда чыгарып алууга гана умтулуучулук.

**УТИЛИТАРИСТ** Утилитаризм жолун жолдоочу.

**УТИЛЬ** Мурдагы кызматы, керектүүлүгү боюнча пайдаланууга жараксыз, бирок кайра иштетип пайдаланууга боло турган зат; буюм, шайман ж.б. *Утилге чыккан трактор.*

**УТОПИСТ** 1. Утопиялык социализмдин жактоочусу. 2. Кыялкеч, ишке ашпай турган куру кыялдарга берилген адам.

**УТОПИЯ** 1. *филос.* Коомдук өнүгүүнүн объективдүү закон ченемдүүлүгүн илимий жактан түшүнүүгө негизделбеген социалдык кайра куруу, идеалдык коомдук түзүлүш жөнүндөгү окуу. 2. Фантазия, иш жүзүнө ашпай турган кыял, куру кыял.

**УТОПИЯЛЫК** *филос.* Утопияга негизделген, илимий эмес, иш жүзүнө ашпай турган, куру кыялданган.

**УТОПИЯЛЫК СОЦИАЛИЗМ** (же коммунизм) 16–17-кылымдардагы коомдук өнүгүүнүн закондорун таанып-билүүгө негизделбестен, идеалдык коомдук түзүлүш жөнүндөгү ойго негизделген, коомду социалисттик кайра куруу жөнүндөгү марксизмге чейинки окуу.

**УТТУР** Оюнда, спорттук мелдештерде ж.б. жеңилип калуу, жеңдирип коюу. *Оюндун биринчи жарымында уттуруп бараткаңына көздөрү жеттиби, биологдор чыр баштаашты* (Бейшеналиев).

**УТТУРУУ** **уттур** этишинин кыймыл атоочу.

**УТУЛ** Оюнда, спорттук мелдештерде ж.б. жеңилип калуу.

**УТУЛУУ** **утул** этишинин кыймыл атоочу.

**УТУР** **утуру** менен бирдей.

**УТУРЛА** Бет ала чыгуу, алдынан каршы чыгуу, алдын ала аракет кылуу. *Бир жигит утурлай басып, келген жигиттин атын алды* (Жантөшев). *Кийин сөз боломбу деп Шариптин алдын ала утурлаганы эле* (Бейшеналиев).

**УТУРЛАТ** **утурула** этишинин аркылуу мамилеси.

**УТУРЛОО** **утурла** этишинин кыймыл атоочу.

**УТУРУ** 1. Бет маңдайынан, алды жагынан. *Алар Шилбилүүнүн белине чыгып калышканда, өздөрүнө утуру келе жатышкан эки жөө адам кездешти* (Сыдыкбеков). 2. Улам-улам, кайра-кайра. *Утуру жылып отуруп, Алымкул кыйраган карагайга жетти* (Сыдыкбеков).

**УТУРУ КАРОО** Бир нерсе үмүт этүү, колун карап калуу. *Көптөн бери көрө элек жээниң болсо, тууган бар, душман бар дегендей утуру карап калбасын деп салып койгон тура* (Ашымбаев).

**УТУРУМ: жазгы утурум** Жазга маал, жазга жуук.

**УТУРУМДУК** 1. Убактылуу, өтүп кетээр абал, кызмат, милдет. *Утурумдук кыйынчылыктарга карабай максатына умтулган адам акыры муратына жетет.* 2. Убактылуу, күнүмдүк же жакын убакыт ичинде керектелүүчү буюм, азык-түлүк.

**УТУУ ут** этишинин кыймыл атоочу.

**УТУШ I** 1. Оюнда, спорттук мелдештерде жеңип алгандык, жеңишке жеткендик. 2. Заём, лоторея билетин тираж боюнча ойногондо чыккан акча же буюм.

**УТУШ II ут** этишинин кош мамилеси.

**УУ I** 1. Уукturуучу зат. *Билбеген уу ичет* (макал). *Жыландын териси кооз, тиши – уу* (макал). 2. *өт.* Кайгы, зар, муң, азап. *Муну көрүп, аны уккан соң, карынын жүрөгүн уу, кыялдарын дат алды* (Токомбаев). *Асан карыя көптү көргөн, ичпеген суусу, татпаган уусу жоктур* (Токомбаев). 3. *өт.* Жан кейите турган, жанга баткан. *Курбалынын көзүнчө катуу кагуу жеп сөөктү сыздаткан уу тил угуп, Көкө шалдая түштү* (Касымбеков). *Уу тырмагын манаптар, Кабыргага батырган* (Тоголок Молдо).

**УУ II** 1. Мергенчилик, аңчылык, балык кармоочулук. *Атышып аркар, кулжа үч бир тууган, Ар күнү уу уулашты, ойдонкырдан* (Үмөталиев). *Мергендин адаты ууга чыгыш, менин адатым шыралга алыш* (Байтемиров). 2. Кандайдыр бир иштин шарты, ыгы, жолу, жөн-жайы, ички сыры. *Жердин уусун билишкен, Кебек өзүнүн он аскери менен жол чалып келе жатат* (Жантөшев).

**УУ III: уу-чуу** *же* **уу-дуу** Тартипсиз, баш аламан чыккан үндөр, кыйкырык-өкүрүк, чуулдаган, дуулдаган дабыш. *Даша уу-чууга аралаш жүрүп олтурду* (Сасыкбаев). *Базарбек айылга жакындаганда уу-чуунун үстүнөн чыкты* (Каимов).

**УУ-ДУУ БОЛУУ** Биринин сөзүн бири укпай дуулдаган, баш аламан түшкөн абалда болуу, кыйкырык, ызы-чуу боло берүү. *Марат балалайка менен ырдап киргенде улам бири сүрөп, бул комната өзүнчө эле уу-дуу боло берет* (Өмүрбаев). **В.: Уу-чуу болуу.** *Согуш! деген кабар угулганда айыл ичи дүрбөлөң түшүп, бир заматта уу-чуу боло түштү* («Ала-Тоо»). **Уу-чуу түшүү.** *Чоңкичине кызматтагылар уу-чуу түшүп, таанышууга ар ким өзүнчө камылга көрө баштады* («Кыргызстан маданияты»).

**УУ ЖУТУУ** Өтө кайгылуу, кырсыктуу мүшкүл ишке дуушар болуу. *Бир сен эмес бүт айылың уу жутканын көрбөй турасыңбы?* (Сыдыкбеков).

**УУ ИЧКЕНДЕЙ КЫЛУУ** Кыруу, жоюу, сулатуу. *Калкты талап кетерде, Кабылан Манас баатырың Уу ичкендей кылды эми* («Манас»).

**УУ КОРГОШУН** *биол.* Байчечекей тукумуна кирген тамыры уулуу, медицинада, ветеринарияда кеңири пайдаланылган дарылык касиети бар өсүмдүк.

**УУ ТИЛ** Сөөккө жеткен, жанга баткан, жан кейите турган ачуу, жаман сөз. *Курбуларынын көзүнчө, ушу кара курсактын айынан катуу кагуу жеп, сөөктү сыздаткан уу тил угуп, Көкө шалдая түштү* (Касымбеков). *Бирок Акия деле өктөсүн берген жери жок, уу тил менен Чаргынды сайып алгандай кеп айтып жатат* (Сыдыкбеков). *Уу тил менен баягыдан бетер какшыкты күчөттү* (Бейшеналиев).

**УУ ТЫРМАГЫН БАТЫРУУ** Аябай эзүү, абдан кыйноо, азап чектирүү. *Уу тырмагын манаптар, Кабыргага батырган* (Тоголок Молдо). *Ач бүркүткө түлкүдөй, Алдыргансың, замана. Уу тырмакты кедейге, Батыргансың замана* (Токтогул). **В.: Уу тырмагын салуу.** *Шат турмуштун жыргал доорун сүрөрдө, Уктук душман уу тырмагын салганын* (Нуркамал).

**УУ ТЫРМАК** Мыкаачы, зулум, канкор. *Алардын ордун уу тырмак, Калпа ээледи* (Бейшеналиев). *Касымбектей уу тырмактан бошонуп чыгууга үстөкө-босток түптөгү уездин чоңдоруна арыз жеткиришти* (Бейшеналиев). **В.: Уу чеңгел.** *Кулаалынын уу чеңгелинен кутулган кептердей келаткан неме, айыл көрүнгөндө гана тизгинин жыйды* (Бейшеналиев).

**УУГУУ уук** этишинин кыймыл атоочу.

**УУЗ** 1. Туурдун, төрөрдүн алдында жана туугандан, төрөгөндөн кийинки биринчи мезгилдерде чыгуучу коюу сүт. *Куудай аппак эгиз эрке козулар, Уузга тоюп, үргүлөшөт ойгонбой* (Токомбаев). *Уктай берет жаш бала, Уузга тойсо ойгонбой* (Осмонкул). 2. *өт.* Жаш, жаңы, жетиле элек. *Ууз талдай буралтып, Ак кайыңдай бүрдөтүп* (Осмонкул). *Ал күндөн баштан күңүрт элес калган, Кырчындай ууз элек, жаштык кайран* (Абдыраманов). *Ууз кымыз.* 3. *өт.* Таза, кирсиз. *Жайкы желдин жыпар ууз жытына, Уй да, кой да, малчыларым тең шерик* (Осмонкул). *Ууз жыттуу койнуңда мен төрөлүп, Уулуң болуп калганга, мактанамын!* (Алыбаев).

**УУЗДАЙ** Таза, кирсиз, тунук. *Үйлөрүңдүн бардыгы аппак ууздай* (Калык). *Жүрөгүм айтпа андай пикириңди, кирдейт... сулуунун ууздай ак көөнү* (Турусбеков).

**УУК I** Боз үйдүн түндүгү менен керегесин бириктирүүчү, түндүккө бириге турган жагы учтуу, керегеге бириге турган жагы

бир аз ичин көздөй ийилип, жалпак келген узун жыгач. *Талдан жасалган уук* (Жантөшев). *Асан карыянын үйүнүнууктары сыртынан саналат* (Токомбаев).

**УУК II** 1. Ууланyy. *Бардыгы уугуп калгансып жымжырт* (Жантөшев). 2. *өт.* Жаны күйүү, жанына батуу. *Бөтөнчө акыркы сөздү укканда, Шарип уугуп кетти* (Бейшеналиев).

**УУК УЧТУК** Көчкөндө таңылган ууктардын учуна кийгизип, унаага артып коюуга ылайыкталган таар баштык. *Уук учтугу ушундай, Алтын менен чырматкан* («Сейтек»).

**УУКТУР уук** этишинин аркылуу мамилеси.

**УУЛ** 1. Эркек бала. *Уулуң өссө – урумга, кызың өссө – кырымга* (макал). *Колунда бир уул, бир кызы бар* (Сыдыкбеков). *Уул жакшысы – урмат* (макал). 2. Тогуз коргоол оюнунда бир уяга түшкөн үч коргоол.

**УУЛА I** 1. Уулaндыруу, ууктуруу. *Уулап койгон эт.* 2. *өт.* Жан кейитүү, жанына батуу. *Унчукпады менин сөзүм, Денин уулап кеткендей* (Нуркамал).

**УУЛА II** Аңчылык кылуу, мергенчилик кылуу, балык кармоо. *Аркар уулап, бугу кууп, Элемандын сырттаны* («Эр Төштүк»). *Жигиттер, арык бойлоп балык уулап жүрөсүңөрбү?* (Бейшеналиев).

**УУЛАН** Уунун таасирине кабылуу, уугуу. *Уланышкан чөптөр эндиреп, Улупуңшуйт аба жалында* (Акбаров).

**УУЛАНДЫР уулант** менен бирдей.

**УУЛАНТ уулан** этишинин аркылуу мамилеси.

**УУЛАНУУ уулан** этишинин кыймыл атоочу.

**УУЛДАШ** Тукум-тукум болуп бөлүнүп кетүү.

**УУЛЖАН** *биол.* Чайырлар тукумуна кирген, сабагында, мөмөсүндө, тамырында эфир майы бар, илгертеден эл арасында аш казан, айрым жараат ооруларын дарылоого пайдаланылып келген көп жылдык өсүмдүктүн түрү. *Уулжан болсо уулум өлбөйт эле* (макал).

**УУЛОО уула** этиштеринин кыймыл атоочу.

**УУЛУ УЧКА, КЫЗЫ КЫРГА ЖЕТҮҮ** Бала-чакасы өсүп жетилүү, этек-жеңи жайылуу, акар-чакар болуу. *Уулум учка, кызым кырга жетип жаткан мени каакы ордуна көрбөйсүң* (Сыдыкбеков). **В.: Уулу урумга, кызы кырымга жетүү.** *Баягы Айнагүл жок, уулу урумга, кызы кырымга жетип, чатырап турган кези* («Кыргызстан маданияты»).

**УУЛУК уук II** менен бирдей.

**УУЛУУ** Уусу бар, уу кошулган, ууландыра турган. *Курчаган жанган жалын ошол чөлдөн, Ойногон уулуу жылан ошол жерден* (Бөкөнбаев).

**УУРДА** Көрсөтпөй, билдирбей, уруксатсыз алып кетүү, катып алуу, кымтып алуу. *Алтынын көрүп бирөөнүн «Алсам» деп уурдап, оолукпа* (Осмонкул). *Сенин болот өгөөңдү Кемпир уурдап алыптыр* («Эр Төштүк»).

**УУРДАЛ уурда** этишинин туюк мамилеси.

**УУРДАН** Эч кимге көрүнбөй, билинбей, жашыруун аракет кылуу. *Уурданып келип кетти.*

**УУРДАТ уурда** этишинин аркылуу мамилеси.

**УУРДАШ уурда** этишинин кош мамилеси.

**УУРДОО уурда** этишинин кыймыл атоочу.

**УУРТ** Эриндин кычыктары, кычыктын айланасындагы жумшак эттүү бөлүк. *Өрмө камчынын учу оролуп келип Алымкулдун ууртуна тийди* (Абдукаримов). *Чоң эненин жумшак уурту булкуп-булкуп тартты* (Сыдыкбеков).

**УУРТА** Шимирип жибербестен, ууртун толтура бөлүп-бөлүп кичинеден ичүү. *Арыктын жээгинде отуруп, сол колум менен суу ууртап, бир аз эс алдым* (Абдукаримов). *Алым нандан тиштеп, чайдан ууртады* (Жантөшев).

**УУРТАМ** Бир ууртоого ылайык келген өлчөм. *Бир ууртам суу.*

**УУРТАП-ТАТУУ** Кичинеден, аз-аздан ичүү. *Ууртап-татып жүрүп, Көкө да тоюп алган* (Касымбеков).

**УУРТАТ уурта** этишинин аркылуу мамилеси.

**УУРТОО уурта** этишинин кыймыл атоочу.

**УУРТТА** Жаактан алуу.

**УУРТУНАН ЖЫЛМАЮУ** Акырын билинер-билинбес күлүп коюу, күлүмсүрөө. *Аскар акырын ууртунан жылмайды* (Сыдыкбеков). *– Аны атаң, апаң менен акылдаш, – деп чоң ата ууртунан жылмайды* (Жусупов). *Шылдың сөзгө Жекшен ууртунан жылмая жалт карап коюп, чыгып кетти* (Осмоналиев). *Жапардын бул сөзүн кулагы чалган Асыл ууртунан жылмайып койду* («Ала-Тоо»). **В.: Ууртунан күлүү.** *– Кандай жаңылыкты сурайсың? – деп Арзыкул ууртунан күлүп койду* (Жусупов). *Асылбек да ууртунан күлдү* (Абакиров).

**УУРТУНАН МАЙ АГУУ** Ашып-ташкан аябай кененчиликте, бардар турмушта болуу. *А сиздин ууртуңуздан май агат, ошондуктан жилигиңиз майлуу дедим* (Абдукаимов).

**УУРУ** 1. Бирөөнүн же коомдун малын, мүлкүн ж.б. көрсөтпөй, билдирбей, уруксатсыз уурдап алган киши, уурулук кылууга кынык алган, үйрөнгөн киши. *Уурусу күч болсо, ээсин доого жыгат* (макал). 2.

Уурулук. *Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба* (макал).

**УУРУ КЫЛГАН ТҮНҮ АЙ ЖАРЫК** Тосколдук, жолу болбоочулук, иши оңунан чыкпоочулук. *Мен ууру кылган түнү ай жарык дегендей, дайыма эле мен бирдеме алайын десем кымбаттап кетет. Мен ууру кылган түнү ай жарык болуп калчу эле, ишти баштагандан чочулап турам.*

**УУРУЛУК** Бирөөнүн же коомдун малын, мүлкүн ж.б. уурдап алуучулук.

**УУСУЗ** Уусу жок. *Уусуз жылан экен. Болбосо чагат эле Анарды* (Шүкүрбеков).

**УУТАНА** 1. Уулуу чөп, абдан ачуу даамы бар чөп өсүмдүгү. *Ар-ар жерден тоо чымчыгы чыйпылдап уча качат да, тигиндейрээк барып уутананы селкилдетип учуна конот* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Абдан ачуу.

**УУЧ** Колдун манжаларын алаканды көздөй ийип бүрүштүргөндөгү абал, ошол абалда колдун ичине туура келген өлчөм, чен. *Жаргылчактын оюгуна бир ууч жүгөрүнү салат да, туткасынан кармап жай тегеретет* («Ала-Тоо»)

**УУЧТА** Уучуна толтуруп алуу, уучка толтура кармоо. *Уучтагандай кол толот, Ушаласаң дандарын* (Токомбаев).

**УУЧТАЛ** **уучта** этишинин туюк мамилеси.

**УУЧТАТ** **уучта** этишинин аркылуу мамилеси.

**УУЧТОО** **уучта** этишинин кыймыл атоочу.

**УУЧУ** Мергенчилик кылуучу, ууга чыгуучу, аңчылык кылуучу. *Уучуларыбызга тапшырма берсек, тирүү карышкырларды да кармап келишет* (Бөкөнбаев).

**УУЧУ КУРУ ЭМЕС** Жалгыз эмес, жок эмес, башкасы да бар. *Баатырдан туяк калган турбайбы, уучуңуз куру эмес экен, белиңизге таңуу бар турбайбы, кутманым!* (Касымбеков). *Темириң сынса Болотуңуз аман, уучуңуз куру эмес, Теңирберди аке...* (Касымбеков).

**УУЧУЛУК** Мергенчилик, аңчылык, ууга чыгуучулук. *Азизхан уучулуктан жолу болбой келе жатты* (Осмонов).

**УЧ I** Кандайдыр бир нерсенин бүткөн жери, эң баш жагы, жогору жагы, кылда башы, чети. *Тенти карандашынын учу менен партаны тыкылдатып, балдарды тартипке чакырды* (Бейшеналиев). *Бүбүш жеңинин учу менен маңдайындагы терин сүрттү* («Ала-Тоо»).

**УЧ II: эс-учун жыюу** *к.* **эс** 1.

**УЧ III** 1. Асманга, абага көтөрүлүү (мис. канаттуулар, самолёт ж.б.) *Карагай-Булак, Чоң Ак-Суу, Көлдөн учту көп ак куу* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Тез чуркоо, тез жүгүрүү, тез жүрүү. *Туяктын чаңы буркурап, Тулпарым учат зыркырап* (Токомбаев). 3. Тез өтүү (мис., мезгил, убакыт) *Күндөр учту, балапандай шактадың, Класстардан класстарга аттадың* (Токомбаев). *Учат-учат аяңдабай, Өмүр деген дилгирем* (Токомбаев). 4. Жыгылып түшүү, кулап түшүү, ыргып кетүү. *Зоодон учкан ошол күнкү, Кара мерген эсимде* (Токомбаев). *Көк сүлөөсүн күндүз бөрк. Учуп түштү баштагы* («Манас») 5. Алга карай умтулуу, тез илгерилөө *Күндөп гүлдөп, алгалап, Темптер менен учабыз* (Токомбаев). *Ырлар керек жана да уча турган жылдызга* (Рыскулов). 6. Эргүү, толкундануу. *Кыялы учту. Көңүлү көккө учту.* 7. *өт.* Өлүү. *Күкүгүм учту элимден. Күлпөтүм кетти жеримден* (Токтогул).

**УЧА** Жетим арка менен чычандын ортосуна жайгашкан, эки жамбашты бириктирип туруучу омуртка (жылкыда гана болот). *Учаны алыңыз, жол сиздики* (Жантөшев).

**УЧАН ТЕҢИЗ** 1. Уч-кыйырына көз жеткис, чексиз, сан жеткис. *Учан теңиз, даркан талаа* (Даникеев). *Учан теңиз мал союп, Мейман кылып күтүптүр* («Эл адабияты»). *Айша апа ат жалынан көзүн албай, өзүнчө учан теңиз ойдо келет* (Даникеев). *Сиз айткандай учан теңиз калың калайыкка белгилүү эрке аты Тоголок Молдо көчөсү аталды* (Бейшеналиев). *Учан теңиз көп журтум, Угуп көөнү жаркыган* (Тоголок Молдо). 2. Кийимдин (мис., пальто, бешмант ж. б.) эки өңүрүнүн ортосуна келген аркасы, арткы бөлүгү.

**УЧАҢДАН УРГУР!** Кудай алгыр, акылсыз жаман деген мааниде наалат айтуу, тилдөө маанисинде колдонулат. *Учаңдан ургур! Айдараалы жел өпкө эле. Өзгөчө бозого тоюп алганда бул айылда ал мушташпаган киши калчу эмес* (Абдукаримов).

**УЧАР** *диал.* 1. Элпек, шамдагай, жеңил, колунан ар иш келген. *Учар жигит болуптур.* 2. *өт.* Желөпкө. *Куру кыйкырба, күртүлдөгөн учар дейт.*

**УЧАСТКОВЫЙ** *сүйл.* Участкалык милиционер

**УЧКА ЧЫГУУ** *к.* **учуна чыгуу.**

**УЧКАЙ** 1. Эң учунан, чет жагына жакын, четинен. *Учкай тигилген. Чепкенинин жакасынан учкай кармап силкип жиберди.* 2. Акырын-акырын, үстүртөн гана. *Учкай-учкай кагуу. Учкай сөз.*

**УЧКАШ** Бир унаага катарлашып, биринин артынан бири минип алуу. *Экөөбүз учкашкан бойдон чаап бардык* (Сыдыкбеков). *Учкашкандын баары дос эмес, урушкандын баары кас эмес* (макал).

**УЧКАШТЫР** **учкаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧКАШУУ** **учкаш** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧКАЯК** Элпек (адам), жеңил чуркаган ат, бирок чыдамдуу эмес. *Жаныбарым учкаяк жылкы экен* (Бейшеналиев).

**УЧКУЛ** Тез уча турган, зыпылдаган, ылдам чуркаган, күлүк. *Жарашыктуу жалпыга, Куш учкулу карчыга* (Барпы). *Желдей учкул ат минген, Жергемдеги жылкычы* (Токомбаев).

**УЧКУЛ СӨЗ** Нускалуу, курч таамай айтылган сөз.

**УЧКУЛДУК** Бат, тез учууга мүмкүндүгү бар.

**УЧКУЛУК-ТЫҢГЫЛЫК** Сөз жеткен, бут жеткен жер аралыгы. *Учкулук-тыңгылыктан эмне кеп бар?* («Кыргыз эл жомоктору»). **В.: Учкулук менен тыңгылык.** *Айылдын атанган ушакчысы Айшакан Жапар жөнүндө сөздү учкулук менен тыңгылыкка жайып чыкты* («Чалкан»).

**УЧКУН** 1. Күйүүдөн же абдан ысып кызуудан пайда болгон кыпын, оттун чачыраган майда кыпындары. *Анда-санда алоолоп жанган куурайдын учкундары түндүктөн көрүнөт* (Жантөшев). *Кызыл учкун чарыктан шыр-шыр этип чачырады* (Сасыкбаев). 2. Кандайдыр бир нерсенин жылтылдаган майда бөлүкчөсү. *Алексей Александрович кумду алаканына салып, аны күндүн нуруна кармап турду эле, жылт-жулт эткен майда учкундар даана көрүндү* (Таштемиров). 3. Эгинди сапырганда туш-тарапка чачыраган майда-барат ыпыр-сыпырлары. *Кырмандын ары жагында учкуну менен аралашып азыраак буудай жатат* (Жантөшев). 4. *өт.* Кандайдыр бир сезимдин, жөндөмдүүлүктүн ж.б. сезиле түшкөн элеси. *Гүлайдын көзүнөн сүйүүнүн аябай чатырап жанган отунун учкундары көрүнгөнсүдү* (Абдукаримов). *Кулбаштын кайраттуу көзүнөн кубанычтын учкундары көрүндү* (Абдукаримов).

**УЧКУН АЛДЫНДА** А дегенде, тез эле, эң мурда, ириде, эң алды менен, биринчи болуп. *Келери менен догун арта сүйлөгөн каркайган неме учкун алдында бөлүнүп чыкты* (Ашымбаев). *Эки колунан алып декилдеткен жолдоштору аны палатага учкун алдында чуркатып жетип келишти* (Өмүрбаев).

**УЧКУЧ** Самолётту башкаруучу киши. *Мен да болом эр жетсем, Өлкөнүн учкуч баатыры* (Маликов).

**УЧМА** Тоонун кар менен капталган тик ылдый боору, бети, жантаймасы.

**УЧМАГЫ ДҮМӨК** Кереметтүү, укмуштуу.

**УЧМАК** 1. Бейиш. *Аны учмактын учуна чыгарып жиберди.* 2. *өт.* Берекелүү, жыргалдуу.

**УЧМАКТУУ** 1. Бейиштүү. 2. *өт.* Берекелүү, жыргалдуу. *Учмактуу шаар чоң Бейжин* («Семетей» С.К.). *Учмактуу журт кеп салды, Уу кылалы деп калды* («Эл адабияты»).

**УЧМОЮЛ** Жомоктогу жылан.

**УЧСУЗ** Түбү жок, аягы жок. *Учсуз-түпсүз асман.*

**УЧТА** 1. Кандайдыр бир нерсенин учун ичкертүү, уч чыгаруу. *Карандашын чоң бычак менен учтады* (Жантөшев). 2. *өт.* Узартуу, улоо. *Жеңиңди учтатып алсаң боло* («Ала-Тоо»).

**УЧТАЛ учта** этишинин туюк мамилеси.

**УЧТАН** Учу же аяк жагы ичке, кууш тартуу, учтуу болуу. *Жатып калды Табылды, Учтанган кара сеңирге* («Эр Табылды»).

**УЧТАТ учта** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧТОО учта** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧТУ** *диал.* Балдар тегерете отуруп, ортосуна бирөөнү коюп, анан ар нерсенин атын атап бирде «учту «деп, бирде «учпады» деп, жаңылдырып, жаңылса ырдатып ойногон оюн.

**УЧТУК: чач учтук** Аялдар чачынын учун бекитүү үчүн, атайын кездемеден сызылып же жиптен чалып жасалган ичкерээк коодук жасалгасы, чачка тагуу үчүн атайын күмүштөн (күмүш тыйындардан) ар түрдүү формада коодолуп иштелген жасалга. *Чоң эне чач учтугу менен чачынын учун бекитип, ордунан турду* (Сыдыкбеков). *Келиндердин чач учтуктары, иймек, билериктери шарактайт* (Жантөшев).

**УЧТУР уч** этишинин аркылуу мамилеси. *Атты санга камчылап, ала качып учтуруп, көз илешпей жоголду.*

**УЧТУУ** 1. Учталган, уч чыгарылган, учу бар. *Учтуу карандаш.* 2. Өткүр, курч. *Өлүм деген нерсени, Учтуу кылып жараткан* (санат).

**УЧУ УЗАРУУ** Иши илгерилөө, жакшылыкка жетүү, укум-тукуму көбөйүү. *Учуң узарсын, кагылайын! Эмгек учуңду узартып, уругуңду көбөйтөт!* (Жантөшев). *Тоголок Молдом, бир башың онго көбөйүп, учуң узарды* (Бейшеналиев). – *Кызым, ата-энени сыйлаган уул менен кыздын учу узарат* (Жапаров). **В.: Учугу узаруу.** *Өз айланасына өнөрлүү жаштардан өнөктөрдүн курамасын уюштурганына Тоголок Молдо курсант. Учугу узарат деген ушул эмеспи* (Бейшеналиев).

**УЧУГУ КОРОБОО** Эч зыян тартпоо, чыгым болбоо, эч кебелбөө, эч нерсесине залал тийбөө. *Жаалдуу каңкор ажыга жагалданган бий, болуштардын учугу коробойт, уйпаланган, мүңкүрөгөн журттун башына түшкөн мүшкүл иш* (Бейшеналиев). **В.: Учук жиби коробоо.** *Муратка ким кайгырсын, байдын ага учук жиби короп жатабы* (Баялинов). *Сенин ага учук жибиң короп жатабы?* («Ала-Тоо»).

**УЧУГУН УЛОО** Сөзүн, ишин ж.б. ары

карай улантып кетүү. *Сурооңуздун учугун өзүм улай кетейин. Акынга акын катары аны эскерүүм ыр менен болсун.*

**УЧУГУҢ УЗАРСЫН!** Ишиң оңолсун, өркөнүң өссүн, жакшылыкка жет деген сыяктуу алкоо маанисинде колдонулат. *– А, ыракмат! Учуңар узарып, ылайым тилегиңерге жеткиле, балдар!* (Медетов). *Ыраазымын Васил тамыр. Ылайым бакыт жылоолосун, учуң узарсын!* (Бейшеналиев). **В.: Учуң узарып, уругуң көбөйсүн!** *Учуң узарып, уругуң көбөйсүн! – деп кемпир баланы алкай баштады* («Ала-Тоо»).

**УЧУК I** 1. Адам баласынын (көбүнчө сасык тумоолоп, суук тийип, башы ооруп калган учурда) эрдине, жамажайына мөлтүрөп чыгуучу чыбырчык ыйлаакчалар. 2. Өпкө оорусу, өпкөгө суук тийүүдөн (сезгенүүдөн) пайда болуучу оору, туберкулез. *Учук деген жаман дарт болот тура* (Сыдыкбеков). *Учук ооруларынын санаторийи.*

**УЧУК II** Ийнеге сапталган жип. *Колу чебер аялдын Учугу түшпөйт ийнеден* (Барпы).

**УЧУК ИЛҮҮ** Көбүнчө иш кылып жаткан аялдар, эркектердин кийимине жип сайып илип койгондо ошол эркек тарабынан берилүүчү белек.

**УЧУКТА I** Суук тийип, чыйрыгып, сасык тумоолоп калган адамды айыктыруу максатында кычкачты же башка темирди отко салып кызартып, андан кийин чөйчөккө же чыныга куюлган сууну улам-уламууртап алып, аны ысытылган темир аркылуу адамга бүркүү. *Үнүң дагы киркиреп калыптыр. Учуктайынбы?* (Токомбаев).

**УЧУКТА II** Ийнеге жип саптоо, ийненин көзүнө жип өткөзүү, жипти өзүнчө учук-учук кылып коюу. *Зарыл төрт чарчы актын четин, жибек жип учуктаган ийнеси менен тез-тез саят* (Сыдыкбеков).

**УЧУКТАП КОЮУ** 1. **учукта I** менен бирдей. 2. *өт.* Тил албаган адамды, көпкөн жигитти сабап эпке келтирүү.

**УЧУКТАТ** **учукта** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧУКТОО** **учукта** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧУН** Эркек малдын жыныс мүчөлөрү сезгенип, шишип ооруусу, ооруп калуусу. *Айгыр учунса ат болот, ат учунса эт болот* (макал).

**УЧУНА ЧЫГУУ** 1. Аягына чыгуу, жок кылуу, түгөтүү, сарп кылуу. *Баягы атасынан калган мал-мүлктүн учуна чыкты* («Ала-Тоо»). 2. Бүтүү, аяктоо. *Кептин учуна чыкпады. Ал баягы айткандарынын учуна чыккан жок. Сары убайымдын учуна чыга албай келе жатат .*

**УЧУП КҮЙҮҮ** Кандайдыр бир нерсеге катуу шашуу, жан-алакетке келүү, өтө тез кыймылдоо же өтө сүйүнүү же өтө капа болуу. *[Койчу] учуп-күйүп барып, чаначына суу алып келип, алоолонто от жакты* (Сасыкбаев).

**УЧУР I** 1. Убакыт, кырдаал, кез. *Көп учурларымды жумушчулардын арасында өткөрөм* (Жантөшев). *Ал учурда почто аттарын бекеттин башчылары өздөрү айдашчу* (Сасыкбаев). 2. Белгилүү бир мезгил, убакыт аралыгы, маал. *Күзгө таяп калган учур. Түшкү дем алыш учуру. Койдун туут учуру.*

**УЧУР II** 1. **уч** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *өт.* Чоңойтуп, өстүрүп бөлүп чыгаруу. *Айымжан уядан кыз учурду* (Сыдыкбеков). 3. Жалган сөздөрдү жайылтып таратуу, апыртуу. *Ушакчы жел ушагын учуруп жүрө берет* (Убукеев).

**УЧУР ЧАК** *грам.* Кыймыл-аракеттин болуп жаткан учурун көрсөтүүчү этиштин чагы.

**УЧУРА** 1. Жолугуу, кезигүү, кездешүү. *Учурадым айылдаш бир курбума* (Нуркамал). *Жолдон Жумадыл агайга учурайбыз* (Үмөталиев). 2. Кандайдыр бир абалга, окуяга, кыйынчылыкка ж.б. дуушар болуу, кез келүү, кабылуу. *Чабандар алдында айдап жүргөн малы менен, бирге жутка учурап да калат* («Советтик Кыргызстан»). *Эгиндин орум-жыйымы башталып калган кезде кырсыкка учурабасаңар экен* (Абдукаримов). 3. Көрүнүү, сыяктануу, сезилүү. *Бригадирдин өңү эмнегедир жылуу учурады* (Сасыкбаев). *Шашкандан өөн учурап мындай туруш, «Узатып коёюн» деп кылдым сунуш* (Үмөталиев).

**УЧУРАТ** **учура** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧУРАТУУ** **учурат** этишинин кыймыл атоочу. *Мелдешке катышпаган адамды учуратуу кыйын.*

**УЧУРАШ** Жолугушуп саламдашуу, көрүшүү. *Сагынган теңтуштарыма учураштым* (Сыдыкбеков). *Жүгүрүп бири чыкты тосуп жолум, Эң сылык учурашты алып колум* (Барпы).

**УЧУРАШТЫР** **учураш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧУРАШУУ** **учураш** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧУРМА** *диал.* Чатырча, үйдүн чатыры.

**УЧУРОО** **учура** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧУРТ** **учур** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЧУРТМА** Калп, апыртылган сөз, апыртма. *Уккандын учуртмасы көбүрөөк болучу эле, көргөндөн айтыңыз!* (Жантөшев).

**УЧУРТМАЛУУ** Калп, жалган аралашкан, апыртмалуу. *Учуртмалуу узун кулак ушакчылар, кантип бул окуяны көрбөй, билбей калышты экен* (Жантөшев).

**УЧУРУЛ** **учур** этишинин туюк мамилеси.

**УЧУРУУ** **учур** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧУУ** **уч** этишинин кыймыл атоочу.

**УЧУУГА КАНАТ, КОНУУГА КУЙРУК БОЛУУ** Жөлөк болуу, бел болуу (көбүнчө жардамдаша турган, колдой турган өтө ишенчиликтүү адамга карата). *Учууга канат, конууга куйрук таап алды. Айылчы бул жетимдерге учууга канат, конууга куйрук болду* (Бейшеналиев).

**УЧЧУЛ** *лингв.* Үнсүз тыбыштардын ордуна карай жасалышы.

**УШАК I** Бирөөнүн артынан айтылган жалган сөз, чагым. *Ушак айткан урматка жетпейт* (макал). *Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба* (макал).

**УШАК II** Ушалануудан, үбөлөнүүдөн пайда болгон күкүм.

**УШАК III** Майда, кичине. *Ушак кой. Кыргыз жылкысы сөөгү ушак болгону менен чаалыкпас тукумдан* (Сыдыкбеков).

**УШАКТА** Ушак айтуу, чагым кылуу. *Бириңди бириңе ушактайт, Билгизбей туруп тузактайт* (Осмонов).

**УШАКТАШ** **ушакта** этишинин кош мамилеси.

**УШАКТОО** **ушакта** этишинин кыймыл атоочу.

**УШАКЧЫ** Ушак айткан, калп жеринен бирөөнү жамандаган киши. *Бекерчиден безе кач, ушакчыдан көчө кач* (макал). *Ушакчы, ак ычтөрдү четке кактың, Күйдүргү күлкүң менен бетке чаптың!* (Токтакунов).

**УШАКЧЫЛ** **ушакчы** менен бирдей.

**УШАКЧЫЛЫК** Калп жеринен жамандоочулук, ушак айтуучулук. *Ушакчылыктын зыяндуулугу толугураак көрсөтүлсө болмок.*

**УШАЛА** Үбөлөй укалоо, укалай сүрүү. *Учтагандай кол толот, Ушаласаң дандарын* (Токомбаев). *Бир колу менен көзүн ушалады* (Токомбаев).

**УШАЛАН** **ушала** этишинин өздүк мамилеси.

**УШАЛАТ** **ушала** этишинин аркылуу мамилеси.

**УШАЛАТТЫР** **ушалат** этишинин аркылуу мамилеси. *Карабек колун ушалаттырбай тартып алды.*

**УШАЛОО** **ушала** этишинин кыймыл атоочу.

**УШАТ** 1. Майдалоо, убалоо. *Нанды ушатпай же.* 2. Түгөтүү, ысырап кылып жоготуу. *Акча ушатуудан башкага шыгы жок кызына банкир күйөө табуунун аргасын издей баштады* («Чалкан»). 3. Даарат ушатуу.

**УШАТУУ** **ушат** этишинин кыймыл атоочу.

**УШИНТ** Ушундай кылуу, ушундай жасоо. *Эртеңден калбай ушинткиле.*

**УШИНТИП** Ошондой болуп, демек.

**УШИНТИШ** **ушинт** этишинин аркылуу мамилеси. *Бул эң жакшы ой, ушинтиш керек.*

**УШУ I** Бир кыйла жакыныраак затты, предметти көрсөтүү, билдирүү үчүн колдонулат. *Ушу киши. Ушу жер.*

**УШУ II** Адамды ар тараптуу жетилтүү үчүн денени чыңдоону, күрөш ыкмаларына машыгууну философиялык, этикалык, психофизикалык принциптер менен айкалыштырып жүргүзүүгө багытталган кытайдын салттуу жоокердик искусствосу.

**УШУЛ** **ушу I** менен бирдей.

**УШУЛ САПАР** *же* **бул сапар** Ушул жолу, ушул ирет. *Бирок бул сапар Жапар чыдап тура алган жок* (Баялинов).

**УШУНДАЙ** Сындык же сандык маанини, кандайдыр бир абалды жалпылаштыра көрсөтүп белгилөө үчүн колдонулат. *Каалап калган бир ишиң, Нак ушундай жайланса* (Үсөнбаев). *Сорпосун ууртап улактын, Отурган элек ушундай* (Маликов).

**УШУНДАЙЧА** Мына ушундай, мына ушул сыяктуу. *Кымызга кызып алган боз балдар ушундайча кужулдөшту* (Сыдыкбеков).

**УШУНЧА** Мынча, мынчалык. *Ушунча жерге чейин ээрчип келгенине ыза болду* (Сыдыкбеков). *Ой, курган киши, эмне болду ушунча* (Сыдыкбеков).

**УШУНЧАЛЫК** Мынчалык, бул сыяктуу. *Ушунчалык сүйүнгөн экем, бапке, шапкемди унутуп, үйдү көздөй учуп жөнөдүм («Агым»).*

**УЮ** 1. Килкилдеп коюуланып калуу. *Эңкейип колун көрсөм алып өйдө, Уюган кан толуптур чеңгелиме* (Үмөталиев). 2. Коюу тартып чубалжуу, уюлгуу. *Алдынан уюган калың чаң чыкты* («Эр Табылды»). *Карайып түтүн уюган, Калың чер токой арасы* (Бөкөнбаев). 3. Жыйылуу, көп болуп жыйналуу бир жерге топтошуу, көп болуп чогулуу. *Бул уюп жаткан кара алтынга өзүбүз ээ болобуз!* (Сасыкбаев). *Улуу суунун боюнда, Уюган кошун кол жатыр* («Манас»). 4. Кандайдыр бир айтылган сөзгө көңүлдөшүү, ишенүү. *Ушул кепке көпчүлүк, Уюп калган чагы экен* («Манас»). *Ме, Каныбектин айтканына уюп турам* (Жантөшев). 5. Талуу, талып ооруу. *Уюган жери басылып, Умачтай көзү ачылып* («Эр Төштүк»). *Эсен кыстыккан демин чыгарып, талыгансып уюган белин түздү* (Жантөшев).

**УЮК** 1. Көбүнчө аарынын, кумурсканын жашай турган жайы, уясы. *Аарынын уюгу. Кумурсканын уюгу.* 2. *өт.* Кыжылдап, көп болуп топтолушкан жай, жер. *Барчындардын баарын катар учурдуң, Душмандардын уюктарын буздурдуң* (Калык).

**УЮКТА** Көп болуп кыжылдап чогулуп калуу, бир үймө болуп чогулуу.

**УЮЛ I** 1. Адамдын төбөсүндөгү, жылкы менен уйдун мандайындагы ж.б. чачтын, жүндүн уюлгуп буралган жери. *Атасы Дон жылкысы, так маңдай уюлунда кашкасы бар* (Сыдыкбеков). 2. Жердин айлануу огундагы эң четки точкалары жана анын айланасындагы жер, полюс. *Түндүк уюл. Түштүк уюл.* 3. Карагайдын, бак-дарактын ж.б. уюлгуп буралып турган жери. *Жаңгактын уюлу. Ашырдын булчуңдары катуу жыгачтын уюлу сыяктанды* (Сасыкбаев).

**УЮЛ II** *астр.* 1. Кандайдыр бир нерсенин чеги, четки чекити. 2. Диаметри боюнча карама-каршы жаткан кандайдыр бир нерсе.

**УЮЛГУ** 1. Бурала айланган абалда болуу, удургуу. *Уюлгуп кар жаап, улам бетке урган сайын көңүлдү сергитет* (Байтемиров). *Анда-санда токой арасынан уюлгуп соккон салкын жел денеге жагымдуу, көңүлгө сүйкүмдүү болуп турат* (Жантөшев). 2. Буралып көтөрүлүү, түрмөктөлүп көтөрүлүү. *Чок орто ченинде уюлгуган кара түтүн жулүндөй созулат* (Сыдыкбеков). 3. Уюл сыяктанып, бурала тармалданган абалда, көрүнүштө болуу. *Чачтары уюлгуп маңдайына түшкөн Сергей да аны аяп кетти* (Сыдыкбеков). *Береги көк ойдун буудайы уюлгуп чыкканын көрдүң беле?* (Сыдыкбеков).

**УЮЛГУТ уюлгу** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЮЛГУУ уюлгу** этишинин кыймыл атоочу.

**УЮЛДУК уюлга** таандык.

**УЮЛДУК КҮН** Күн кеңири кендикте горизонттон төмөндөбөгөн убакыт мезгили.

**УЮЛДУК ТЕЛЕФОН** Электрдик зым линиясынын жардамысыз, спутниктик жол аркылуу кандайдыр бир аралыктагы байланыштарды байланыштырууга ылайыкталып жасалган, техникалык жабдык, аппарат.

**УЮЛДУК ТҮН** Күн кеңири кендикте горизонттун үстүнөн көтөрүлбөй жана күн нуру тик тийбеген жер шарынын түштүк уюлунда болуучу убакыт мезгили.

**УЮМ** Коомдук бирикме же мамлекеттик мекеме. *Партиялык уюм. Профсоюз уюму. Соода уюмдары.*

**УЮМ ТУУДУ** Тогуз коргол сыяктуу, бирок эки тарабында бештен уясы бар, аларга бештен таш салынып ойнолуучу балдар оюну.

**УЮМДАШ** Кандайдыр бир максатта бirимдешүү, биригүү, кандайдыр бир уюмга биригишүү.

**УЮМДАШТЫР уюмдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЮМДАШУУ уюмдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**УЮҢКУРА** Дененин бир аз чарчаганын сезүү, талдыруу. *Атка көп жүрүп, бели уюңкурап калган.*

**УЮТ ую** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЮТКУ** 1. Айран, жуурат, уютуу үчүн мурунку айран, жууратtan алып калынган көрөңгө, ачыткы. *Уюткусуз айран жок* (Сасыкбаев). *Уюткусу ирисе – айран сары суу* (макал). 2. *өт.* Топтолууга себепчи болгон негиз. Кандайдыр бир иштин, башталыштын ж.б. негизги бөлүгү, борбору, уңгусу, көрөңгөсү.

**УЮТКУЛУУ** Биримдиктүү, туруктуу, түптүү, көрөңгөлүү, күч-кубаттуу. – *О, уюткулуу журт! Улуу-кичүү, жаш-карың дебей казатка жүр!* (Сыдыкбеков).

**УЮТКУСУ БУЗУЛБАГАН** Биримдиги күчтүү, туруктуу, күч-кубаттуу, ынтымактуу. *Уюткусу бузулбаган журтумдун каймагы, менин канат-бутактарым. Бообуз бекемдеп, тукумубуз улансын* (Бейшеналиев).

**УЮТКУСУ БУЗУЛУУ** Чабылып-чачылып, бүлгүн-чачкынга учуроо, азып-тозуп бытырап кетүү, биримдигин жоготуу. *Мына бу алаамат-үркүн... элди жүдөтүп, аздырыптоздуруп акылдан шаштырып жиберди. Журттун уюткусу бузулду* (Сыдыкбеков).

**УЮТУУ уют** этишинин кыймыл атоочу.

**УЮУ ую** этишинин кыймыл атоочу.

**УЮШ** Кандайдыр бир максатта биримдешүү, уюмдашуу. *Колхоз, совхоз уюшуп, кадимкидей чыңалды* (Бөкөнбаев). *Комсомолдор бириктешип уюшкан, Душмандардын түп-тамырын жулушкан* (Барпы).

**УЮШМА I** *сүйл.* Майрам күндөрүндө же тим эле учурда топ адамдар өз ара келишип бир үйгө ысык тамак уюштуруп, шааншөкөт куруп отургандык.

**УЮШМА II** *тар.* Артель, колхоз.

**УЮШТУР** Уюмдаштыруу, кандайдыр бир иштин аткарылышы үчүн чаралар көрүү.

**УЮШТУРУЛ уюштур** этишинин туюк мамилеси,

**УЮШТУРУУ уюштур** этишинин кыймыл атоочу.

**УЮШТУРУУЧУ** Кандайдыр бир иште демилге көрсөтүүчү, кандайдыр бир чараны уюштуруп жетекчилик кылуучу, түзүүчү.

**УЮШТУРУУЧУЛУК** Уюштуруу иштерин жүргүзүүчүлүк, уюштуруу иштерине жөндөмдүүлүк. *Жетекчинин уюштуруучулук жөндөмү жакшы болсо коллективдин да иши жемиштүү болот.*

**УЮШУЛ уюш** этишинин туюк мамилеси.

**УЮШУУ уюш** этишинин кыймыл атоочу.

**УЯ** 1. Жумурткасын сактоо, балапандарын чоңойтуу үчүн, канаттуулардын жасап алган жайы, орду. *Уяда жаткан жумуртка – эртеңки күнү балапан.* (макал). *Уяда*

*жаткан үргүлөп, Балапан канат какканда* (Бөкөнбаев). *Уяга көнгөн бүркүттү, Учурсаң чоңго жарабайт* (Борончиев). 2. Туулуп-өскөн жер, турган жай. *Фрунзем учкан уям, сүйгөн калаам, Көп жүрдүк, ойноп, күлүп эсен-аман* (Осмонов). 3. Күндүн бата турган жери. *Күн дагы өзүнүн уясына жашынган* (Жантөшев). *Мына күн уясына жакындап, көздү уялткан жалындуу нуру өчө баштады* (Таштемиров). 4. Сөздүктөрдө бир макалага топтоштурулган уңгусу бир сөздөрдүн тобу.

**УЯДАН УЧУРУУ** Тарбиялап, өстүрүп чыгаруу, чоңойтуп, бой жеткирүү. *Айымжан уядан ак уул, кызыл кыз учурган* (Сыдыкбеков). *Ак билими менен тарбиясын берип уясынан учурган мектеп бизди ушуга үйрөттү беле?*

**УЯЛ** Бирөөнүн, көпчүлүктүн алдында ыңгайсыз, оңтойсуз абалда калуу, тартынуу. *Жаман шымынын айрыгын көрө коюп, Эркин тизесин кымырып уялып кетти* (Жантөшев). *Келгенче конок уялат, келгенден кийин үй ээси уялат* (макал). *«Ардагым» деп кыйкыргандан уялдым, Өткөн экен жаштык чагым, курагым* (Акматалиев).

**УЯЛА** 1. Уя салуу. *Кыраан барчын уялаган зоолоруң, Бугу, марал, кийик өскөн тоолоруң* (Калык). 2. *өт.* Абдан көп болуп жай алуу, орун алуу, ээлөө. *Кишичилик сүлдөрүм бар дарман жок, Жүрөктү чер уялап дарттар чалып* (Турусбеков).

**УЯЛАШ** Уясы бир, жатындаш. *Уялашым, каралдым, Таалайы бар агаңдын* (Турусбеков). *Кыз да болсо, Жылдызкан сенин уялашың* (Байтемиров).

**УЯЛАШТЫК** 1. Жатындаш. 2. Бири-бирине тууганык сезим, тууганык мамиле кылуу. 3. Жакын мамиледе болуу. *Мен үчүн Зуннахундан уялаштык боор табылбайт.*

**УЯЛОО** **уяла** этишинин кыймыл атоочу.

**УЯЛТ** **уял** этишинин аркылуу мамилеси.

**УЯЛУУ I** 1. Уясы бар. 2. Орун-очоктуу, түптүү, жайлуу. *Уялуу Журт Айды карай учкан куу, Уялуу кыргыз уккан куу* (Токтогул).

**УЯЛУУ II** **уял** этишинин кыймыл атоочу.

**УЯЛЧААК** Уяң, тартынчаак, өтүмү жок. *Алымкан уялчаак кыз* (Бөкөнбаев).

**УЯЛЫҢКЫ** Бир аз уялып калуу, бир аз тартынуу. *Уялыңкы тартып калды.*

**УЯҢ** 1. Тартынчаак, уялчаак. *Айдайдын бир артыкчылыгы – өзүнүн курбуларындай уя, эмес* (Каимов). 2. Жумшак, назик, кылчык эмес (мис, жүн). *Алдынкы чабандар өздөрүнүн оторунда ар бир койдон 6,5 килограммдан уяң жүн кыркып алышты* («Советтик Кыргызстан»).

**УЯҢДЫК** Тартынчаактык, уялчаактык. *Учурашып ырдачы, Уяңдыктан пайда жок* (Токтогул). *Бара-бара баягы Жылдызкандын уяңдыгы жоголуп шакылдап сүйлөй турган болду* (Байтемиров).

**УЯТ** Кандайдыр бир кылык-жоругу, мамилеси ж.б. ар-намысына, абийирине тийип, оңтойсуз, ыңгайсыз абалда калуу сезими. *Уят өлүмдөн катуу (*макал). *Искендер да бөбөктөрүнө уят болбоюн деп, жерди жакшылап ала калтырбай айдай берди* (Баялинов). *Акылдуу жашагыла, иштегиле, Уятка калтырбастан өткөн элди* (Султаналиев). *Уят – өлүмдөн катуу* (макал).

**УЯТКАР** Уялтуу, оңтойсуз абалга калтыруу, уят экендигин сездирүү. *Омор аке, эми колду кантип коёсуз?! – деп мени катуу уяткарбайсыңбы!* (Сыдыкбеков).

**УЯТКАРУУ** **уяткар** этишинин кыймыл атоочу.

**УЯТСЫЗ** Уят-сыйытты билбеген, абийирсиз, уялбаган, ар-намыссыз, уяты жок.

**УЯТТУУ** 1. Өзүнүн ар-намысын кадырлап сактаган, абийирдүү. 2. Уятка калган, кандайдыр бир мамилеси, иши ж.б. менен күнөөлүү болгон. *Уяттуумун мен сага, Окутпадым абыдан* (Маликов). 3. Кадырлуу, ардактуу. *Уяттуу адамдар келди* (Жантөшев).

**УЯЧА** *инф.* Электрондук жадыбалдын мамычасы менен сабы кесилишкен торчо.

# Ү

**ҮБӨЛ** Упурап майдалануу, күкүмгө айлануу. *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп, аппак ун болуп, чоң ящикке эленүүдө* (Сыдыкбеков).

**ҮБӨЛӨ** Упуратып, ушалап майдалоо, күкүмгө айландыруу.

**ҮБӨЛӨН** **үбөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ҮБӨЛӨНДҮ** Үбөлөнүп майдаланган, ушаланган күкүм. *Сатар менен Шарип кичинекей үбөлөндүсүн оозуна салып нанды газетанын бетине коюшту* (Бейшеналиев).

**ҮБӨЛӨНҮҮ** Майдалануу, ушалап майдалоо, убалоо.

**ҮБӨЛӨӨ** **үбөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮБӨЛҮК** Камыр жаюу үчүн колдонулуучу таякча сымал жумуру жыгач.

**ҮБҮ** Асыл зат, баалуу мүлк, кымбат баалуу буюм, казына. *Алтын сандык түбүндө, Жыйнап койгон үбүндө* («Эл адабияты»).

**ҮГҮТ** Бирөөнүн макулдугун алуу, бирөөнү көндүрүү, ынандыруу, оюн, пикирин тартуу же бир нерсеге үгүттөө үчүн жүргүзүлгөн аракет, насыят.

**ҮГҮТТӨ** Бирөөнүн көз карашын, оюн, пикирин тартуунун, макулдатуунун ж. б. аракетин кылуу, үгүт жүргүзүү.

**ҮГҮТТӨӨ** **үгүттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮГҮТТӨӨЧҮ** Үгүт ишин жүргүзүүчү адам.

**ҮГҮТТӨШ** **үгүттө** этишинин кош мамилеси.

**ҮГҮТЧҮ** Көпчүлүк арасында үгүт-насыят ишин жүргүзүүчү адам.

**ҮДӨЙЧҮ** *к.* **удайчы.**

**ҮДӨӨ** Өтөлгө, эсе. *Ал кандай иш тапшырсаң да үдөөсүнө чыгара турган, жоопкерчиликтүү жигит* (Мамбетов).

**ҮДӨӨСҮНӨ ЧЫГУУ** Кандайдыр бир ишти аягына чейин аткаруу, акырына жеткире бүтүрүү, орундоо. *Бир айда буудай менен шалынын үдөөсүнө чыксаңар болду деди* (Жантөшев). *А сен каалаганыңды сура, үдөөсүнө чыкпасам достуктун анты урсун* (Жантөшев). **В.: Үдөөгө ашыруу.** *Бул ишти үдөөгө ашыра ала тургандыгын ишендире айткан* («Ала-Тоо»).

**ҮДӨТ** Сан, эсеп. *Токтолгон болсо үдөтү Тоюн арбын соёт* («Манас» С.О.).

**ҮЖӨТ** Милдет, маани. *Насыят айткан сөзүмдү, Укпаган кедей барсыңбы? Баш көтөрүп үжөткө, Чыкпаган кедей барсыңбы?* (Тоголок Молдо).

**ҮЖӨТ БОЛУУ** *к.* **сөзү үжөт болуу.**

**ҮЖӨТ КЫЛУУ** *к.* **сөзүн үжөт кылуу.**

**ҮЖӨТТҮҮ** Орундуу, ыктуу, жөнү бар. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бересиңерби?* (Каралаев).

**ҮЖҮРӨ** 1. Бөлмө. *Өзүнөн башка жан киши кирбеген чоң үжүрө толтура китеп* (Даникеев). *Желбегей жамынган шырыма кара чапанын оңдонуп, артын карабай, үжүрөдөн чыгып кетти* (Касымбеков). 2. *диал.* Чөп алачык. *Жар башындагы жалгыз үжүрө ошолордун түнөөсү.*

**ҮЗ** 1. Кандайдыр бир бүтүндү үзүккө, бөлүккө ажыратуу; илинип, өз ара биригип, туташып турган нерсени бөлүп алуу, жулуу. *Бала жанына келгенде, тигил келин эки жарым карыштай май чучук үзүп берди* (Токомбаев). *Алма үз. Коон үз. Элдин алмаөрүгүн үзүп, бак-шагын сындырат экен* (Жакиев). 2. Тытуу, быт-чыт кылуу, талкалоо. *Энеке! Ал дүйнө жексен болду, Чырмалган эмгекчилер үздү торду* (Турусбеков). *Чынжырын үзүп чечебиз Жылдырбай салган буттарды* (Тоголок Молдо). 3. Кандайдыр бир ишти, аракетти токтотуп коюу, тынчып калуу, басылып калуу. *Эркиним катты үзбөй жазат* («Ала-Тоо»). *Байланышты үзүп коюу. Кырк чоролоп бакыргын, кыйкырык үзбөй чакыргын!* («Эр Табылды»). 4. Кутулуу, жоюу, жок кылуу. *Айыгышып келген душмандын Тамырын жулуп үзө алдым* (Нуркамал). *Эгин-тегинге, чөп-чарга, отун-суугa каралашып берип, насыяңарды үзөрсүңөр* (Жантөшев). *Тилеги каткан фашистти Тукумун үзүп, жеңсе экен* (Калык).

**ҮЗГҮЛӨ** Кандайдыр бир нерсени майда бөлүктөргө бөлүү.

**ҮЗГҮЛӨӨ** **үзгүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЗГҮЛӨТ** **үзгүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЗГҮЛӨШ** **үзгүлө** этишинин кош мамилеси.

**ҮЗГҮЛТҮК** Убактылуу токтоп калгандык, артта калгандык, аткарылбай калгандык. *Биздин колхоздун өндүрүшү үзгүлтүккө кабылса, уяты бизге* (Сыдыкбеков).

**ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ** Тынымсыз, дайыма, өз убагында болуп туруучу (кыймыл-аракеттин же кандайдыр бир иштин жүрүшүнө карата). *Бригада ар бир айда планын үзгүлтүксүз ашыра аткарып келе жатат.*

**ҮЗДҮГҮҮ** **үздүк** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЗДҮК** Өзөгү үзө тартуу, абдан ачка болуу. *Үздүгүп калгандай сугунат.*

**ҮЗДҮКСҮЗ** **үзгүлтүксүз** менен бирдей.

**ҮЗДҮКТҮР** **үздүк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЗДҮР** **үз** этишинин аркылуу мамилеси. *Мен күчтүү болсом, карышкырга куйругумду үздүрөт белем – деди козу.*

**ҮЗДҮРҮҮ** **үздүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЗМӨ** Камырды үзүп-үзүп бышыра турган тамактын бир түрү.

**ҮЗӨҢГҮ** Бут менен тээп, мингич унаага минүү, теминип бастыруу үчүн ылайыктап ээрдин эки капталына тагылган бөлүгү. *Алтын менен жалатып жасалган үзөңгүсүн чирене теминип, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев). *Мукаш эки үзөңгүнү тең үчкай теминди* (Сыдыкбеков).

**ҮЗӨҢГҮ БООЛУККА САЛУУ** Күч көрсөтүү, күчкө салуу. *Сени үзөңгү боолукка салам деп коркутту* («Ала-Тоо»).

**ҮЗӨҢГҮ БООСУ АЛТЫ КАБАТ** Менменсинген, мыктымын деп байлыгына же бийлигине чиренген, өзүн абдан жогору көтөргөн деген мааниде. *Үзөңгү боосу алты кабат чиренген мырза жигиттерден тарта тигил мал артынан кеткен койчу, жылкычыга чейин – эркектердин суктанганы Гүлбүбү* (Сыдыкбеков).

**ҮЗӨҢГҮ ЖОЛДОШ** Көптөн бери бирге жүргөн, бирге иштешкен, бирге эмгектенген, иште, кызматта бирге болгон, өтө жакын, ынак курдаш, тентуш. *Алардын аталары илгертен үзөңгү жолдош* («Ала-Тоо»). **В.: Үзөңгүлөш.** *Сенин атаң Карыбек баатыр менен заманында үзөңгүлөш өскөн курдаш элек* (Сыдыкбеков).

**ҮЗӨҢГҮ КАГЫШУУ** Өтө жакын, чукул жүрүү, бири-бирине жанаша бастыруу. *Өзү Айылчы ажыга үзөңгү кагыша ат жалына казан асышууда* (Бейшеналиев).

**ҮЗӨҢГҮДӨН БУТ ТАЮУ** 1. Бийликтен, мансаптан ажыроо, иши кыйчалыштап, начарлай баштоо. *Кокус үзөңгүдөн бут тайса, буларың сага жакшылык кылбайт* (Жоошбаев). 2. Ментинен тайып чөгүп калуу, алдан, күчтөн кетүү (көбүнчө карылыкка карата). *Үзөңгүдөн бут тайып, минтип отуруп калдым, карылык каршы алды, чөгүп баратам* («Кыргызстан маданияты»).

**ҮЗӨҢГҮНҮ ЧИРЕНЕ ТЕБҮҮ** Мен-менсинип, көзүнө эч нерсе көрүнбөй, болуптолуп турган абалда болуу. *Зоболосуна маашырланган Дүр Мырза чыкчыйып, үзөңгүнү чирене тээп турган кези* (Бейшеналиев).

**ҮЗӨНӨӨК** Байлаган жибин бат-бат үзүп алуучу, үзүп алууга көнгөн. *Үзөнөөк торпок, сүзөнөөк бука болот* (макал).

**ҮЗҮК I** Кийизден жасалган боз үйдүн өйдө жаккы жабуусу. Негизинен ууктун үстүнөн жабылуучу жабуу. *Алты бөлөк үзүгү* («Манас» С.О.). *Үзүгүн аппак бордоткон, Этегин чачы тордоткон* (Тоголок Молдо).

**ҮЗҮК II** Кандайдыр бир нерсенин үзүлгөн, үзүлүп калган бөлүгү. *Жиптин үзүгү. Үстүнөн обо чалкып кут төгүлбөй, Үзүгү ак булуттун куш жеминдей* (Алымбеков).

**ҮЗҮК БОО** Боз үйдүн боо-чууларынын бири. *Боёгун жакшы кандырган, Боосун терме чалдырган* (Жеңижок).

**ҮЗҮКСҮЗ** Тынбастан, токтобогондук, үзгүлтүксүз. *Үзүксүз ойлор ойлоп, күндөр өттү.*

**ҮЗҮЛ** 1. **үз** этишинин туюк мамилеси. 2. *өт.* Жаны чыгуу, жан берүү (адамга карата). *Сансыз үзүлгөндө, Каныбек менен Ажар айыл арасын жакшы эле өзгөрүшкө салган* (Жантөшев).

**ҮЗҮЛГӨНҮН УЛАП, ЧАЧЫЛГАНЫН ЖЫЙНОО** Калыбына келтирүү, мурдагы абалына келтирүү, ондоо, иши оңолуп жакшыра баштоо. *Үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы* (фольк.). *Демек, мында үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнаган сарамжал кожоюн жок экен деңизчи* (Эралиев). **В.: Үзүлгөн учугун улоо.** *Ал бет аарчысы менен аарчып жатып, үзүлгөн учугун улагандай ичинен ыраазы болду* (Абакиров).

**ҮЗҮЛҮП ТҮШҮҮ** 1. Бир нерсеге өтө суктануу, ага жетсем деп аябай дегдеген, энсеген абалда болуу же бир нерсени өтө суктук, ач көздүк менен баса калуу, ага жетүүнү эңсөө. *Калдаң бул ишке үзүлүп түштү* (Сыдыкбеков). *Өз урук-тууганыңдын санжырасын жакшы билсең, өзгөнүкүн да үзүлүп түшүп үйрөнөсүң* (Бейшеналиев). *Ач бүркүт үзүлүп түшүп жемди басып калды* (Касымбеков). *Акча дегенде үзүлүп түшөт.* 2. Жандили менен берилүү, жан-алы калбай жалынуу, эт-бетинен кетип абдан жакшы көрүү. *Эри үзүлүп түшүп, карыган ата-энеси сыйлап турган соң кыйынчылыкка баш байлап отурат* (Сыдыгалиев). *Барган жерим үзүлүп түшүп, күтүп алат* (Эралиев). *Минтип эне-атасынан бери үзүлүп түшүп кечирим сурап турганда кесирленген болбойт* (Байтемиров).

**ҮЗҮМ** 1. Бир нерседен үзүп, бөлүп алынган бөлүк, бир ирет үзүп алганга тете өлчөм. *Бир үзүм эт. Бир үзүм нанга жетпей кор болгон кедейлер биз элек* («Ала-Тоо»). 2. *диал.* Тамеки жалбырагын үзүп, чогултуу процесси. *Тамеки үзүм.*

**ҮЗҮМЧҮЛҮК** Кышкы жук-жубур түгөнүп, акка абдан аралаша элек мезгил; жазгы маал. *Ичкени үзгөн, жоонду созгон «узун сарынын» үзүмчүлүк убагы эле* (Убукеев). *Мал колду карап, үзүмчүлүктүн арааны жүрөт* (Ашымбаев).

**ҮЗҮНДҮ** Үзүлүп алынган бөлүк, бөлүндү. *Көгүлтүр асмандан анда-санда гана мамыктай ак булуттардын айрым үзүндүлөрү жай гана сүзүп өтөт* (Абдукаримов). «*Манас*» *эпосунан бир топ үзүндүлөрдү айттым* (Тоголок Молдо).

**ҮЗҮП АЛУУ** Катуу чымчып алуу, оймок бооч салуу. *Жакшылап сүйлөш дегендей кызды жоон сандан үзүп алып, астыртан зекип,*

*калп күлгөн болуп далдалчы аял чыгып кетти* (Жантөшев). *Акия кээде Элебестин бир жерин үзүп алат* (Сыдыкбеков).

**ҮЗҮР I** 1. Ыракат, жыргал. *Ак алтын чыккан талаада, Эмгектен үзүр табышкан* (Шамшиев). *Адал эмгегиңердин үзүрүн тойлоп жаткан экенсиңер го?* (Жантөшев). 2. Кечирим, өтүнүч, себеп. *Үзүрүн айтып токтотту, Үмүт кылган көп колду* («Манас» С.О.).

**ҮЗҮР II** *к.* **үзүр-мазыр.**

**ҮЗҮРДҮҮ үзүрлүү** менен бирдей.

**ҮЗҮРЛҮҮ** Ыракаттуу, жыргалдуу, үзүргө жеткен. *Үзүрдүү эмгектин жыргалын көрүү үчүн күжүрмөн иштегиле* (Абдумомунов).

**ҮЗҮР-МАЗЫР** Арыз-арманын айтуу. *Люся Саша менен үзүр-мазыр кеп айтышты* (Абдукаимов). *Үзүр-мазыр кебиң болсо айт. О, балам, үзүр айттың мени сыйлап, Өзүңдү мен кыйналсам кошо кыйнап* («Эл адабияты»). *Үзүр-мазыр кеп айтып* («Семетей» С.К.).

**ҮЗҮҮ үз** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЗҮШ үз** этишинин кош мамилеси.

**ҮЙ I** 1. Адамдар тура турган турак жай. *Ак үй салган адамга, Акиташ менен бор кызык* (Осмонкул). *Сабыр сабакты начар өздөштүргөн балдардын үйлөрүнө кирип жүрдү* (Сыдыкбеков). *Кебек карыя менен коштошкондон кийин, Андрей үйүнө чейин ойлонуп барды* (Байтемиров). *Билем, иним, үйүң жок экендигин, Үйсүз жазган ырлардын текемдигин* (Дүйшеев). 2. Имарат. *Станциянын жаңы үйлөрү тоодон ашып тийген күндүн нуруна бөлөндү* (Сасыкбаев). 3. Ар түрдүү коомдук керектөөлөрдү тейлөөчү жай, мекеме. *Дем алуу үйү. Окуу үйү. Төрөт үйү. Маданият үйү. Көйкөлүп мелт-мелт этет жайык бети, Көрсөтүп чоң боз үйдү берки четки* (Осмонов). *Сонун жасалгалуу боз үй* (Жантөшев). 4. *диал.* Килемдин ортосундагы туташ көчөттүн комплекси жана ал ээлеген аралык.

**ҮЙ II** Бир жерге жыюу, жыйноо, дөбөлөп чогултуу, үймөктөө. *Алты кырдын үймөгүн Жалгыз үйөт, кыздар ай* (Осмонов). *Аппак-аппак пахтаны, Ар жерге үйгөн көбөйтүп* (Нуркамал).

**ҮЙ БЕТИН КӨРБӨӨ** Үйгө жолобоо, үйүндө болбоо, көбүнчө үйдөн сырткары жакта болуу. *Күн-түн үй бетин көрбөй ат үстүндө чапкылап жүрөт* (Укаев). *Басмачылардын артынан сая түшкөн атасы үй бетин чанда көрчү* (Өмүрбаев). *Ал күндүр-түндүр үй бетин көрбөйт* (Саатов). **В.: Үй бетине жолобоо.** *Үй бетине жолобой шаардан шаар кыдырып, о далай жыл өттү* (Борбиев).

**ҮЙ-БҮЛӨ** Бирге жашаган туугандардын тобу (аялы, күйөөсү, ата-эне балдары менен). *Үчкө жашы келгенде, Үй-бүлөдө тили бар* (Жеңижок).

**ҮЙ-ЖАЙ** Турак жай, үй жана ага тиешелүү мүлк. *Үй-жай куруп бала-чакалуу болушуп өмүр сүрүшөт* (Жантөшев).

**ҮЙ КӨТӨРҮҮ** 1. Жаңы үй жасоо (көбүнчө боз үй). 2. Белгилүү бир максатка ылайык (мис. келген коноктор үчүн) үй тигүү. *Көтөрүп койгон үйү жок, көрүшүп келген бийи жок* (фольк.).

**ҮЙ КҮЧҮК** Үйдөн чыкпаган, эки жакка чыгып элге аралашпаган, үйдөн алыс кетпеген, дайыма үйдө жүргөн. *Атасынын үй күчүк болушун көпчүлүк жактырышпады* (Каимов). *Мен үй күчүк болуп мында калышым кандай?* («Ала-Тоо»). *Ал үй күчүк болуп күпүйүп жүргөн.*

**ҮЙГӨ БАТПОО** Жакшы аралаша албай четтөө, өзүн ашыкча коомай сезүү, батына албагандай ыңгайсыз абалда болуу. *Ошондо Сарбакеңди көрүп ал. Баатыр акеси же бир үйгө батсачы да, же бир көчөгө батсачы!* (Жусупов). **В.: Үйгө сыйбоо.** – *Жеңекебай, атакем айткандай үйгө сыйбай баратам* (Бейшеналиев). *Отоолотоор кыз өзү да үйгө сыйбай баратат* (Бейшеналиев).

**ҮЙГҮЧ** Үймөктөгүч, үймөк үйгүч.

**ҮЙДҮ БАШЫНА КӨТӨРҮҮ** Үй ичинде катуу ызы-чуу түшкөн абал болуу, үнүн, дабышын өтө бийик, катуу чыгаруу. *Ушул отурушту балыкчылар балык бөлүшүп жаткандай, үйдү баштарына көтөрө бакылдашып, жарыша сүйлөп, дуулдашып жатты* (Укаев). *Бала үйдү башына көтөрүп аңылдап коё берди* («Ала-Тоо»). *Карымшак жин тийгендей айкырып, үйдү башына көтөрдү* (Мырзаев).

**ҮЙДҮН ИЧИН ҮЧ КӨТӨРҮҮ** Үйдү ополоң-тополоң кылып жиберүү, топуратуу. *«Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» дегендер үйдүн ичин үч көтөрүүдө* (Жантөшев). *Эл Эсен менен Эшенкулдун үйүн үч көтөрүүдө* (Бейшеналиев). *Эртең менен эрте туруп үй ичин үч көтөрө сапырып чыктым.* **В.: Үйдү үч көтөрүү.** *Жентек жейбиз деген аялдар үйдү үч көтөрүп жатышты* («Чалкан»). *Балдар да уркурап-чуркурап үйдү үч көтөрүп жиберишти* («Кыргызстан маданияты»). *Ажарды бузган силерсиңер деп, өткөн түндө Итике үйүн үч көтөрүптүр* (Жантөшев). **В.: Үйдү түп көтөрүү.** *Атырылган жолборсторум, үйүн түп көтөрүүдө* (Бейшеналиев).

**ҮЙДҮР үй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙЖАНЫ** *этн.* Илгери үйлөнүү-үлпөт салтында, кыз-күйөөнү тойдон мурда атайын жолуктуруп, сый-сыпат кылып көрүштүрүү үчүн тигилген боз үй.

**ҮЙЛӨ I** 1. Ооздон аба агымын сыртка катуу күч менен чыгаруу. *Үйкананын калгасы сынып калыптыр, – деди Шабыраалы үшүгөн колун үйлөй берип* (Байтемиров). *От үйлө. Үйлөбөңүз сезимимдин жарыгын, Үзгүм келбейт махабаттын тамырын* (Акматалиев). 2. Ичине толтуруу. *Музоолору чандаят, Үйлөп койгон тулуптай* (Үмөталиев). *Үйлөгөн шардай.*

**ҮЙЛӨ II** Турмуш курдуруу, аял алып

берүү. Үй-бүлө күтүп, үй-жай куруу. *Көрөм десең урматын, Уул үйлөп, кыз чыгар!* (Токтогул).

**ҮЙЛӨН** Турмуш куруу, аял алуу, үй-бүлө куруу. *Бой жеткен жигит үйлөнсүн, Үйүнөн жаңы сый көрсүн* (Маликов).

**ҮЙЛӨНДҮР** **үйлөнт** менен бирдей.

**ҮЙЛӨНТ** **үйлөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙЛӨНҮҮ** **үйлөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙЛӨНҮҮ САЛТ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Эки жаштын баш кошуу, кызды узатуу, тосуп алуу салтына байланышкан элдик ырлар. Кыз узатуу кезинде жеңесинин ыры: *Ичигим чечип кийишкен, Ичтейим ачып сүйлөшкөн. Көйнөгүм ачып кийишкен, Көңүлүм ачып сүйлөшкөн. Көйнөгүң калды иргеде, Көңүлүм жаман бирге эле...* (Элдик ырдан).

**ҮЙЛӨНҮШ** Үйлөн этишинин кош мамилеси. *Теңтуш курбуларынын баары небак үйлөнүшкөн.*

**ҮЙЛӨӨ** **үйлө II** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙЛӨП ЖИБЕРҮҮ** Буйдамга келтирбөө, арыдан бери жок кылуу, тендеше албоо. *Ой, аны мен каакы көрөмбү, үйлөп жиберем* (Саатов). *Мен аны үйлөп жиберем.*

**ҮЙЛӨП ИЙСЕ УЧУП КЕТЧҮДӨЙ** Куну качкан, өтө арыктаган, абдан алсыз, начар абал. *Карылыгы жетип, жер тиктеп, мойнун салган Олойкан жүдөдү. Үйлөп ийсе учуп кетчүдөй* (Осмоналиев).

**ҮЙЛӨТ** **үйлө II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙЛӨШ** **үйлө II** этишинин кош мамилеси. *Алма жейли үйлөшүп, айылда турсак сүйлөшүп* (фольк.).

**ҮЙЛҮҮ** 1. Үйү бар. *Жыргалбай алты канат ак үйлүү* (Калык). *Аппак үйлүү, зоот үйлүү, Колу иштүү, Ошо мен жеңекемди сагынам* (Маликов). 2. Үйлөнгөн, үй-бүлөлүү, үй-бүлөсү бар. *Балам үйлүү болду деп, Мамырап калды энеси* (Тоголок Молдо). *Мында бир үйлүү турпанчы бар экен* (Токомбаев).

**ҮЙМӨ** Үйүлгөн, үймөлөнгөн. *Табакка үймө салынган ун. Ар кайсы чети кемер жар, Ак чопо үймө топурак* (Маликов).

**ҮЙМӨК** Кандайдыр бир нерсенин үйүлгөн, үстү-үстүнө чогултуп жыйып койгон тобу, жыйындысы. *Кызылча үймөктөрү. Үймөк-үймөк чөп. Үймөк буудай.*

**ҮЙМӨКТӨ** Үйүү, жыюу, бир жерге чогултуу, үймөк кылуу. *Тоодой бийик жол жасап, Чөп үймөктөп жатыптыр* (Осмонов). *Алымкул чөбүн боолап, тамынын башына үймөктөдү* (Абдукаримов).

**ҮЙМӨКТӨӨ** **үймөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙМӨКТӨТ** **үймөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙМӨКТӨШ** **үймөктө** этишинин кош мамилеси.

**ҮЙМӨКЧӨ** Кичинекей үймөк.

**ҮЙМӨКЧҮ** Үймөк үйүүчү адам. *Үймөкчүлөр чырга сүйрөткөнсүп, туш-тушунан тартып жатат* (Таштемиров).

**ҮЙМӨЛӨ** Үстү-үстүнө үйүү, үйө берүү.

**ҮЙМӨЛӨКТӨ** Бир жерге өтө көп болуп жыйылуу, чогулуу. *Үйрөнөм деп ырымды, Үймөлөктөп эл келет.* (Токтогул). *Жети-сегиз киши Чакеңдин арабасына үймөлөктөп алып келе жаткан кез* (Сыдыкбеков).

**ҮЙМӨЛӨКТӨӨ** **үймөлөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙМӨЛӨКТӨТ** **үймөлөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙМӨЛӨӨ** **үймөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙМӨЛӨТ** **үймөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙӨР** 1. Жазга маал суу үстүнөн калкып аккан муздар, муз агымы. *Үн салып суусу киргенде, Үстүнөн үйөр жүргөндө* («Семетей»). 2. Жазында кар эрип, мөңгү бузулуп көбөйгөн суу агымы. *Жер жүзүн үйөр каптап келе жаткандай сезди* (Жантөшев). *Калкан кийген эр менен, Үйөр жүргөн сел менен* («Семетей»).

**ҮЙӨРЛӨН** Буркан-шаркан түшүү.

**ҮЙРӨК** *аңч.* Кундуздун бир түрү.

**ҮЙРӨН** 1. Бир нерсени (мис, ишти, техниканы ж.б.) билүү, өздөштүрүү, ага машыгуу, көнүгүү. *Кылганың киши үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* (макал). *Оку, иште, өнөр үйрөн, көптү бил, Ошону күт, эмгек менен таалай тап* (Нуркамал). 2. Үйүр болуу, көнүп калуу, таанышып, аралашып кетүү. *Канчалык кооз жерлерде жүрбөйүн, чоң шаарларды аралабайын, айлыма келсем өзүм үйрөнгөн жер, үйрөнгөн эл көзүнө ысык, көңүлүмө жакын көрүнүү* («Ала-Тоо»).

**ҮЙРӨНҮҮ** **үйрөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙРӨНҮШ** **үйрөн** этишинин кош мамилеси. *Балдар компьютерди пайдалануунун ыкмаларын тез эле үйрөнүштү. Зина коллективге тез эле үйрөнүшүп кетти.*

**ҮЙРӨНЧҮК** Кандайдыр бир ишти жаңыдан үйрөнүп, өздөштүрүп келе жаткан, үйрөнүү, өздөштүрүү аракетин жаңыдан баштаган адам. *Жукөш мурда шахтада үйрөнчүк болчу* (Сасыкбаев). *Сени биз номер биринчи цехине чогултуу иштери боюнча адистикке үйрөнчүк кылып бекители* («Ала-Тоо»).

**ҮЙРӨТ** 1. Бир нерсени билүүгө, өздөштүрүүгө машыктыруу, көнүктүрүү, окутуу, үйрөнгөн, билген деңгээлге жеткирүү. *Үйрөтүп өнөр, билимди, Өстүрүп кадр камдаган* (Осмонкул). *Турмуш сырын үйрөткөн, Көркөм чечен сүйлөткөн* (Токомбаев). *Аялдарга ардак, сыйды мол кылып, Ар өнөрдөн калбагын деп үйрөткөн* (Нуркамал). 2. Унаа ка-

тарында пайдаланууга, минүүгө көндүрүү. *Укуругун сүйрөткөн, Азоолорун үйрөткөн* (Осмонкул). *Сылап-сыйпап үйрөттү, Кайыштан чылбыр сүйрөттү* (Тоголок Молдо).

**ҮЙРӨТКҮ** Жаңы үйрөтүлгөн унаа.

**ҮЙРӨТТҮР үйрөт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙРӨТҮЛ үйрөт** этишинин туюк мамилеси.

**ҮЙРӨТҮҮ үйрөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙРҮЛ** 1. **үйүр** этишинин туюк мамилеси. 2. Чогулуу, жыйылуу. *Үч каркыра боюна, Үйрүлүп жыйын салды эми* («Манас»). 3. *өт.* Жакшы мамиле кылуу, абдан жакшы көрүү, жан-алы калбай жалынып-жалбаруу. *Ойготуп «албайын» деп үйрүлүп турган чоң эненин жүрөгү тыз этти* (Сыдыкбеков). *Үстүнө үйрүлүп түшүп, аны сооротууга кам урду* (Сыдыкбеков).

**ҮЙРҮЛТ** 1. Камчы менен коркутуу. 2. *өт.* Коркутуу, жалкытуу.

**ҮЙРҮЛҮП ТҮШҮҮ** *к.* **үстүнө үйрүлүп түшүү.**

**ҮЙРҮЛҮП ҮСТҮНӨ ТҮШҮҮ** *к.* **үстүнө үйрүлүп түшүү.**

**ҮЙРҮМӨК** *диал.* Жерди чуңкур кылып казып, ошого алыстан таш түшүрүп ойнолуучу оюн.

**ҮЙРҮП САЛАРЫ ЖОК** Кие турган эч нерсеси жок, такыр кийим-кечеси жок, жылаңач-жыртык деген мааниде. *Эл жылаңач, үстүнө үйрүп салары жок, согуштун каары сөөгүнө жетти* («Ала-Тоо»). *Ошондо Абык деген кишинин тогуз баласы бар эле, эми анын турмушун айтпа, үстүлөрүнө үйрүп салар эч нерсеси жок, бардыгы түлөгөн кызыл гөш* (Жантөшев).

**ҮЙСҮН** *диал.* Ымыла кылуу, үйүр тартуу, жакын саноо.

**ҮЙТИКТИ** *диал.* Балдар экиге бөлүнүп, бир жагы кезекти алып, бирин-бири качырып минишип, кармашып ойногон оюндун аты.

**ҮЙҮ КҮЙСҮН!** Акыры оңбосун, жакшылык көрбөсүн деген сыяктуу каргоо, тилдөө маанисинде колдонулат. *Буулугуп чыдамы кеттиби, – Бузукунун үйү күйсүн! – деди* (Ашымбаев). *– О,-о, молдонун үйү күйсүн! – деди Чүкөбай* (Баялинов). **В.: Үйүң күйгүр!** *Үйүң күйгүр, кылган ишин кара! Балада эмне жазык, – деп жарданып турган эл соодагерди каргай баштапты* («Кыргызстан маданияты»).

**ҮЙҮГҮШҮҮ** Ит, мышык тукумундагылардын кошулушу.

**ҮЙҮЛ** 1. **үй** этишинин туюк мамилеси. 2. Көп болуп чогулуу, өтө көбөйүп кетүү. *Эл бат эле үйүлүп калды. Үсту-үстүнө үйүлүп оттоп жатышкан таранчылар.*

**ҮЙҮЛТ үйүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЙҮЛҮҮ үйүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙҮР I** 1. Малдын же жапайы айбандардын тобу. *Үйүрүнөн бөлүнүп үйрөнбөгөн кара торпок анда-санда мөөрөп кылчактайт* (Токомбаев). *Карышкырлардын бир үйүрү тескейдин капчыгайын жойлоп кеткенин көрдүк дешип малчылар айтып келишкен* (Сыдыкбеков). 2. Арасында бир эркеги бар малдын тобу (көбүнчө жылкы). *Төш жактан үйүрүнөн адашкан айгыр азынады.* 3. Үйрөнүшүп калган, жакын болуп кеткен, көнүшкөн. *Байымбеттин ынагы, Башынан үйүр бу дагы* (Тоголок Молдо). *Кыз балага кыз үйүр, Биздин кыз бирге жүрчү эле* (Маликов). 4. Шыктуу. *Сөзгө үйүр. Кепке үйүр.*

**ҮЙҮР II** Имере чогултуу, имере шилтөө, имере экчөө. *Жылкычы жаш кулундуу бээлерди үйүрө айдап келип асканын далдоосуна токтотту* («Эркин тоо»). *Малайдын төбөсүнө камчы үйүрүлдү.*

**ҮЙҮРДӨШ** 1. Жылкы, аттын бир үйүрдө жүрүшү. 2. *өт.* Жакын жашаган адамдар, кошуналар менен жакшы мамиледе болуу. *Коңшулаш жүргөн коңурат, үйүрдөш жүргөн үйшүн бар* (фольк.).

**ҮЙҮРДҮҮ** Үйүрү бар. *Төрдө беш үйүр жылкы жүргөнүн көрдүм.*

**ҮЙҮРЛӨ үйүрлөт** менен бирдей.

**ҮЙҮРЛӨТ** 1. Үйүр алдыруу, үйүргө кошуу.

**ҮЙҮРЛӨТҮҮ үйүрлөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЙҮРЛӨШ үйүрлө** этишинин кош мамилеси.

**ҮЙҮРМӨ** *диал.* Кар уюлгуп боройлоп, шамалга сапырылып үйрүлүп турган жер. *Үйүрмөнүн ашуусуна бараткан жерде.*

**ҮЙҮРСӨӨК** 1. Өзүнүн үйүрүнөн калбаган айгыр. *Керкашка үйүрсөөк айгыр, жалгыз байтал үйүрүндө болбой калса, азынап издеп кетчү керкашка.* 2. *өт.* Мамилечил, көпчүлүктү сүйүүчү, айбандарга бат үйүр алуучу. *Үйүрсөөк адам жалгыздыкка чыдабайт.*

**ҮЙҮРСҮЗ** Үйүрү жок, үйүргө кошулбаган (көбүнчө жылкыга карата).

**ҮКӨ** *диал.* 1. Ини, бөбөк. *Кичинекей эки үкөм бар.* 2. Өзүнөн кичүү жаш бала, жаш жигит, адам. *Үкөм малдан өлбөйт деп, Агар алтын, ак күмүш, Бей бечара карыпка Кудайы кылып берүүң!* («Эл адабияты»).

**ҮКӨК** 1. Тамак-аш же башка нерселерди салуу, сактоо үчүн колдонулуучу жыгачтан жасалган сандыкча. *Үкөктө нан, каймак бар* (Баялинов). *Сактап жүргөн мейиздей ширин керчөөнү үкөктүн түбүнөн алып чыкты* (Сыдыкбеков). 2. Ичинде данеги бар, сырты сөөктүү жемиш (жаңгак, мисте ж.б.) *Кокок деген жемиш бар, Үкөгү киши башындай* («Манас» С.О.).

**ҮКСӨГӨЙ** Жүндөрү же чачы-башы үксөйгөн, үрпөгөй. *Жакындан бери малчылардын айлына бир үксөгөй жолбун кара күчүк пайда болду* (Осмоналиев).

**ҮКСӨЙ** Жүндөрү, чачы-башы үрпөйүп туруу, саксаюу. *Төбө чачы үксөйүп, муруттары туктуйуп* («Эр Табылды»). *Кежиге чачы үксөйүп, Келе жатат туктөйүп* («Манас»).

**ҮКСӨЙТ үксөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮКСӨЙҮҮ үксөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮКСӨНДӨ** 1. Чачы-башын, жүндөрүн үксөйткөн кыймыл-аракетте болуу, саксандоо, үрпөндөө. 2. *өт.* Үрпөндөп ачууланууу, каардануу. *Үпчүлүгү бир тогуз, Үксөңдөгөн чоң доңуз* («Манас»).

**ҮКСӨНДӨӨ үксөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮКСӨНДӨТ үксөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮКСҮГҮЙ** Үксөйгөн, саксайган, үрпөйгөн. *[Гоннаров] үксүгүй чачын салаалап, узун кирпиктүү кой көзүн эшикке кадап калды* (Бейшеналиев).

**ҮКСҮЙ** 1. Үксөйүү, үрпөйүү, саксаюу. *Жигиттин баш кийими жылмышып түшкөндүктөн чачы эле үксүйөт.* 2. *өт.* Үксөйүп, үрпөйгөн кебетеде каардануу, ачуулануу. *Келе жатат Чалкалмак, Кармашсам деп үксүйүп* («Эр Табылды»).

**ҮКСҮЙТ үксүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮКҮ** 1. Күндүз жакшы көрбөгөн, ууга көбүнчө күүгүмдө же түнкүсүн чыгуучу жырткыч канаттуу. *Үкүлөр үстүртөн учуп, ооздорун шакылдатты* (Жантөшев). *Үкү менен жарганат, Үңкүрдү көздөй салпылдап* («Семетей»). 2. Ушул канаттуунун кооздук үчүн колдонулуп, көбүнчө кыздардын баш кийимине же чабыла турган күлүк жылкынын көкүлүнө тагылуучу канаты же жүнү. *Кайруусу керекарыш күндүз тебетейдин төбөсүнө сеңселтип бир тутам үкүнү тагып койгон* (Убукеев). *Кызыл-тазыл кийинип, Кыздар үкү сайынган* («Курманбек»). *Ушул атым буудан деп Үкүнүн жүнүн тактырып* (Тоголок Молдо).

**ҮКҮ-ТҮКҮ** *диал.* Жүрөк заада, бушайман. *Үйдөгүлөр да үкү-түкү болуп жатышат го.*

**ҮКҮБАШ** *диал.* Бир жагы керки сымал, бир жагы балка сымал жасалган буюм.

**ҮКҮЛӨ** Үкү тагуу, үкү тагып, байлап кооздоо. *Алтынайдын башында үкүлөгөн кооз тебетей* (Жантөшев).

**ҮКҮЛӨӨ үкүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮКҮЛҮҮ** Үкүсү бар, үкү тагынган.

**ҮКҮНҮН УЯСЫН ТАБУУ** Жан жыргата турган өтө жайлуу шартка дуушар болуу, марый турган кенчке, байлыкка жолугуп иши оңолуу. *Үкүнүн уясын тапкан эпчилдердин тизгинин жыйганга көмөктөшөлү, – деп Отуз Адырга бардык* («Чалкан»). *Кыскасы, үкүнүн уясын тапканбыз, бүркүтүм* («Чалкан»). **В.: Куркулдайдын уясын табуу.** *Ал шумпай куркулдайдын уясын тааптыр* («Чалкан»).

**ҮКҮР** Ири мүйүздүү мал. *Өзүң тийген күнүңдө, үкүрүң айдап алгамын, Жолой* («Манас»). *Жылкысын түгүл калмактын, Үкүрүн тийип аламын* («Манас»).

**ҮКҮСҮ ЧЫГУУ** Аябай самсаалап, салбырап кебетеси кетүү, тамтыгы кетүү, тарпы чыгуу. *Үстүндөгү кийими да тытылган, ар кайсы жеринен үкүсү чыгат* (Сыдыкбеков).

**ҮКҮСҮЗ** Үкү тагылбаган, үкүсү жок.

**ҮЛБҮЛДӨ бүлбүлдө** менен бирдей.

**ҮЛБҮЛДӨӨ үлбүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛБҮРӨ** 1. Үлпүлдөө, өтө жумшак, назик, үлбүрөк болуп көрүнүү. *Күзүндө эшелондоп жөнөп турса, Жибектей үлбүрөгөн пахталары* (Маликов). *Үлбүрөгөн кездеме. Жүрүптүрмүн жүрөгүндө дагы эле, Үлбүрөгөн дили чоочун жаз бойдон* (Келдибекова). 2. *өт.* Начарлоо, алы кетүү, бошоң тартуу, күчү кете баштоо. *Чырак үлбүрөп өччүдөй көрүнөт* («Ала-Тоо»). *Өткөн күндү мен санап, Арман күн өлгөнү жүрөм үлбүрөп* («Олжобай менен Кишимжан»).

**ҮЛБҮРӨК** Үлпүлдөгөн, үлбүрөгөн, өтө жумшак, назик. *Бубактай аппак сүлдөрү, Үлбүрөк сансыз гүлдөрү* (Токомбаев).

**ҮЛБҮРӨӨ үлбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛБҮРӨТ үлбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЛБҮРЧӨК I** 1. **үлбүрөк** менен бирдей. 2. Жаш келиндер бетине калкалап алуучу үлпүлдөгөн жука ак кездеме же торчо, чүмбөт. *Башындагы элечек, бетиндеги үлбүрчөк Алымкандын бетин өзгөрткөн* (Бөкөнбаев). *Тал боюн чүмкөп ак кылып үлбүрчөгүн салынды* («Мендирман»). 3. Сөйкөнүн аяк жагына бириктирилип кооздолгон жука желбирөөчтөрү. *Сөйкөнүн үлбүрчөгү.*

**ҮЛБҮРЧӨК II** Алыска түшкөн кызга же кадырман күйөө балага «жүрөктөш-тилектеш бололу» дешкен санаалаш кишилерге арналып жүрөк кабына эт май ар түр татымдар кошулуп даярдалган таберик даам.

**ҮЛГҮ** 1. Тигилип же жасалып чыгарыла турган нерсенин, буюмдун калыбы. *Бир үлгүдө тигилгендей окшош кийимдер* (Сыдыкбеков). *Оюнун үлгүсү.* 2. Өрнөк, таалим, нуска. *Кызылча баккан кыз-келин. Зууранын алсын үлгүсүн.* (Осмонкул). *Келечекке үлгү болору Эмгек калсын өмүрлүк* (Токомбаев).

**ҮЛГҮ СӨЗ** Акыл-насаат айтылуучу, тарбиялык мааниси бар, адептүү болууга чакыруу иретинде айтылуучу сөз же ырлар. *Карыянын үлгү сөздөрү кулагынан кетпейт. Токтогулдун үлгү ырлары.*

**ҮЛГҮ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Элдик оозеки адабиятта жана ырчылар поэзиясында кеңири тараган дидактикалык чыгармалар. Жанрдык белгиси боюнча санат-насыят, терме ырларына жакын, а түгүл алар бири-гип, бири-биринин структурасына сиңишип

да кетет. *Эчкинин көркү – төл менен, Эгиндин көркү – жер менен, Эр жигит көркү – эл менен* (Токтогул).

**ҮЛГҮЛҮҮ** Өрнөктүү, үлгү боло тургандай, үлгү көрсөтө турган. *Иштин темпин көргөзгөн, Үлгүлүү шайыр жаштар го* (Турусбеков). *Үлгүлүү, жүрүш-турушу менен айырмалануу.*

**ҮЛГҮР** Кечикпей, өз убагында, учурунда аткарууга, келүүгө, иштөөгө ж. б. жетишип калуу. *Жеңилбеген пахтачы, Баарын, иштеп үлгүргөн* (Шамшиев). *Сага бир топ белек камдап койдум эле берүүгө үлгүрө албай калдым* (Бейшеналиев).

**ҮЛГҮРҮҮ үлгүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛГҮЧҮ** Көчөт, оюм, сайма ж.б. үлгүсүн даярдаган киши. *Үлгүчү устанын ырыскысына суйун.*

**ҮЛДӨ** 1. Кымбат баадагы мата, материал жана андан тигилген көйнөк. *Үлдө менен булдөгө ороп асыраган бала.* 2. Жибек куртунун жибеги, кокон. *Бул сандыктын ичинде, үлдө менен булдө бар* (Эл ырлары).

**ҮЛДҮРӨ** Алы, күч-кубаты кетүү, алдан таюу, араң жан кыймылдоо. Курсагы *ачып кыйналып, Кубаты кетти үлдүрөп* (Осмонкул). *Унчукпастан ал киши, Кыймылдады үлдүрөп* (Токомбаев).

**ҮЛДҮРӨҢКҮ** Алсызданган, үлбүрөгөн. *Үлдүрөңкү күлдү.*

**ҮЛДҮРӨӨ үлдүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛДҮРӨТ үлдүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЛКӨН** *диал.* 1. Чоң, ири, бийик. *Кайкалаган үлкөн тоо* (фольк.). 2. *өт.* Көрүнүктүү, залкар, абройлуу. *Көрүнүшүнө караганда үлкөн адам.* 3. Билерман, башкаруучу, чоң. *Үлкөндүн өлүмү ошондой болот* («Эл адабияты»). *Чоробайдын ашында ошол үлкөн болгон.* 4. Түштүктө өсүүчү өсүмдүк.

**ҮЛӨ** Үлүш-үлүшкө бөлүү, ченеп бөлүштүрүү.

**ҮЛӨКӨ** Белек, сыйлык.

**ҮЛӨШ I үлүш** менен бирдей. *Чыгыш жагы кенден бүткөн Тянь-Шань, Тянь-Шандан үлөш алчу кандай жан* (Токомбаев). *Үлөшүбүз бирдей болсо болду* (Токомбаев).

**ҮЛӨШ II** Бөлүү, бөлүшүү. *Түшүм үчүн чыңданып, Эмгегиңди үлөшкүн* (Калык).

**ҮЛӨШТҮР** Үлөш-үлөшкө бөлүү, бөлүштүрүү, үлөштүрүп жеткирүү, үлөшкө бөлүп таратып берүү. *Соня аларды үлөштүрүп берди* (Баялинов). *Дадабай кырмандагы кызылды үлөштүрө баштады* (Жантөшев).

**ҮЛӨШТҮРҮҮ үлөштүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛП: үлп этүү** Акырын леп этүү, желп этүү (жумшак жел же башка үлбүрөк, назик нерселерге карата). *Азыр үлп эткен жел жок,* (Сыдыкбеков). *Жашыл жибек үлп-үлп этип майда титирейт* (Сыдыкбеков).

**ҮЛПӨТ** 1. Биргелешип көңүл ачуу, зоок-кече, той. *Үчтөп үлпөт жылда жасачу, Жакырланды шапар тебем деп* (Пушкин). *Майрам, той, үлпөтүңө шерик болуп, Бир мүнөт кабак түйбөй шат-шат күлдүм* (Абдыраманов). 2. Жакшы жөрөлгө үчүн берилген тамак-аш.

**ҮЛПӨТСҮЗ** Үлпөтү жок, үлпөттөлбөгөн.

**ҮЛПӨТТӨ** Үлпөт куруу.

**ҮЛПӨТТӨӨ үлпөттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮЛПӨТТҮҮ** Үлпөт менен, үлпөттүн коштоосунда.

**ҮЛПҮЛДӨ** 1. Үлп-үлп этүү, үлп-үлп этип, назик көрүнүү. *Үлпүлдөгөн пахтанын, Үймөгүн терип көбөйткөн.* (Нуркамал). *Жээгинде шабыр үлпүлдөп, Өзөнү толуп суу келип, Дайрасы өскөн кыргыздын* (Калык). 2. Бүлбүлдөп араң эле күйүү, начар жарык берүү. *Чырак үлпүлдөп алсыз нурларын чачат* (Каимов).

**ҮЛПҮЛДӨК I** 1. *диал.* Сабагы, башы жумшак келген өсүмдүк. 2. Үлбүрчөк.

**ҮЛПҮЛДӨК II** Үлбүрөк, жумшак, өтө назик. *Сүйүү – үйлөсө учуп кетчү каакымдын үлпүлдөк башы эмес* (Касымбеков).

**ҮЛПҮЛДӨТ үлпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮЛПҮНЧӨК** 1. **үлбүрчөк** менен бирдей. 2. Гүлдүн жалбыракчасы.

**ҮЛҮК** *диал.* 1. Жүгөрүнүн даны чыгарылып алынган сотосу. 2. *аңч.* Алгыр куштардын узун чалгын канатынын сөңгөгү, өзөгү.

**ҮЛҮЛ** Кочкор мүйүз сыяктуу уюлгуган кабыгы бар, илээшкек келген жумшак денелүү, омурткасыз кичинекей жандык.

**ҮЛҮҢГҮР** *диал.* Өчөр-өчпөс.

**ҮЛҮНДӨ** Күчү кетип начарлап, азая баштоо (жарык, нур ж.б.). *Калаган от үлүңдөп өчүп бара жатат* (Жантөшев). Көл үстүндө сүрөт болгон көк гана, Толкуп турду токсон түстө үлүндөп (Келдибекова).

**ҮЛҮНДӨТ үлүңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Жаман чырагын үлүңдөтүп, Сан-Женин аягында Жин-Ху-А отурат.*

**ҮЛҮРӨЙ** 1. Кабагы ачылбаган кебетеде көзүн жүлжүйтө суз кароо. *Карынбай ишенбеген түр менен үлүрөйө түштү.* 2. Кейпи-кебетеси бузулуп, жүдөмүш тартуу.

**ҮЛҮШ** 1. Байлардын өз тегерегиндеги элге же бир уруунун экинчи бир урууга, жергиликтүүлөрдүн башка жерлик адамдарга сыйлап берген тамак-ашы. *Үлүш берип, бээ союп, Кийик атып, куш салып* («Эр Табылды»). *Кетмен-Төбөнүн жакшыларын көрөбүз, үлүш жейбиз – деп, Чормондун айлына бараткандар мени да кызыктырды* (Токомбаев). 2. Бир нерседен бөлүнгөн тийиштүү энчи, бөлүк. *Бул кызылды алты үлүшкө бөлөбүз* (Жантөшев). *Токтордун үлүшүнө тийгени башка* (Абдыраманов).

**ҮЛҮШ САЛЫМ** *экон.* Үлүш ээлеринин – пайчылардын жалпы жыйналышына катышууга, дивидендди жана фирманы жок

кылуу маалында мүлктүн бөлүгүн алууга укук берүүчү фирма капиталынын үлүшү.

**ҮМӨТ (үмөт)** 1. Мухаммеддин амирин тутуучу, жолун жолдоочу, улантуучу. *Кудай таала кудурет, Калганына биз үмөт* («Эл адабияты»). *Пайгамбардын үмөтү – Башыңа селде чаласың* (Токтогул). *Атым Болотдур... алхамду лилла, мусулманмын, бир кудайдын пендесимин, Мухаммад пайгамбардын үмөтүмүн...– деп, үзүп-үзүп жооп кылды* (Касымбеков). 2. Туруктуу, айкөлдүк, мыктылык, тууштуулук, демилге. *Найза сайса тешпеген, Эр үммөтү көрүнөт. Чапса кылыч кеспеген, Кереметы көрүнөт* («Манас»).

**ҮМТӨТ** Үмүт этүү, үмүт кылуу. *Көптөн үмтөткөн аздан куру калат* (макал).

**ҮМТӨТТҮР үмтөт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮМТӨТҮҮ үмтөт** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮМҮТ** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө үмүттөнгөн ишенич, тилек. *Жаштардын келечегинен үмүтүм чоң* (Жантөшев). *Токтогул Асан карыяны үмүт менен карады* (Токомбаев). *Аппак марал, марал туяк катат, жебе жетпейт жетет сыяктанат, үмүт өчөт, үмүт кайра жанат* (Рыскулов). *Мен аякка үмүт айдап барат* (Жакиев).

**ҮМҮТКЕР** Үмүт кылган, үмтөткөн, кандайдыр бир нерсе жөнүндө ишеничи бар, үмүт үзбөгөн. *Ошентип, кары тамшанды, Жигитти тиктеп үмүткер* (Токомбаев).

**ҮМҮТСҮЗ** Үмүтү жок, ой-тилеги, келечекке көз карашы ишенимсиз. *Жашылданып кыймылсыз жаткан кулундун көзү энесин үмүтсүз тиктегенсийт* (Токомбаев).

**ҮМҮТСҮЗ ШАЙТАН** Үмүттү үзүүгө болбойт, дайыма үмүт кылуу керек, кудай бербей койбойт деген маанилерде колдонулат. *Жарыгым... сен адамсың. Шайтан гана үмүтсүз* (Садыбакасов).

**ҮМҮТСҮЗДҮК** Үмүтүн үзүү, ишенимсиздик.

**ҮМҮТТӨН** Үмүт кылуу, тилек кылуу, жакшы тилек күтүү. *Ашыр ансайын эргип, үмүттөндү* (Сасыкбаев). *Динар Аскарларга жетишке үмүттөндү* (Сыдыкбеков).

**ҮМҮТТӨНТ үмүттөн** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮМҮТТӨНҮҮ үмүттөн** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮМҮТТӨШ** Тилектеш, күткөн тилеги, үмүтү бир. *Үмүттөш болуп чечимге, Мен булбулуң сайрадым* (Бөкөнбаев).

**ҮМҮТТҮҮ** Үмүтү бар, үмүт кылган. *Ашыр кандайдыр үмүттүү түрдө сөзүн улады* (Сасыкбаев). *Жол карап дале үмүттүү ой бар, Эшикке чыкты сергилең Дилвар* (Абдыраманов). *Үзүлбөгөн үмүттүү өмүргө али да болсо кеч кире элек сыяктанат* (Стамов). *Үмүттүүгө кудай берерин унутпа, Кудагый! Унутпа!* (Жакиев).

**ҮМҮТҮ ТАШ КАБУУ** Ойлогон ою, тилеги ордунан чыкпай калуу, максаты ишке ашпоо. *Кылмышкерлердин жазасын беребиз деген үмүтү таш капты. Алардын үмүтү таш каппай, ойлогондорундай болуп чыкты* (Кыдырмышев). **В.: Үмүтү ташка тийүү.** *Эми инимди мандикерден бошотуп келем го деп барган Каримдин үмүтү ташка тийди* (Жантөшев). **Үмүтү ташка чабылуу.** *Сабылса да ийикпесин, үмүтү ташка чабылып майтарыларын туюп турду Курманжан аяр* (Касымбеков).

**ҮН** 1. Сүйлөгөндө, ырдаганда же кыйкырганда үн түйүнүнүн дирилдешинен пайда болгон добуш. *Алыска сапар алып, Үн салып кербен кетет* (Токтогул ырчы). *Жайнаган көркту куттуктап, Жан-жаныбар салат үн* (Маликов). *Курман үнүн көтөрүңкү чыгарды* (Убукеев). 2. Вокалдык искусство үчүн материал болгон адам добушу. *Үнүн жоготуу. Анын жакшынакай үнү бар. 3.* Кээ бир заттардан чыккан дабыш, доош. *Кошулташыл күү менен, Комуз үнү шаңкылдап* (Тоголок Молдо). *Балта араанын үнү тарсылдап, бағаналарды бекитип жатышты* (Сасыкбаев). *Паровоздун кыйкырган үнү* (Жантөшев). 4. *өт.* Ой, пикир, айткан сөз. *Элдин үнү. Массанын үнүн угуу.*

**ҮН АЛЫШУУ** Биринен сала бири үн чыгаруу, жарыша үн чыгаруу. *Үч кара дөбөт үн алыша тосуп чыгышса да, Алыбектин үнүн угуп кайра тартышты* (Жантөшев). *Тарсылдаган балка, шаңкылдаган каңылтыр, араа жаңырыгы үн алышты* (Сасыкбаев).

**ҮН ЖАЗМА (үн жазгыч)** Үндү, добушту маалында жазып, сактап калуу жөндөмдүүлүгү бар түзүлүш курал. *Улуу жазуучунун сөзүн каттап калуу үчүн анын алдына бир нече үн жазгыч коюлган.*

**ҮН КАТПОО** Эч сөз кайырбоо, үнүн чыгарып сүйлөбөө, унчукпоо. *Узун сабак насаатынын аягы не менен бүтөөрүнө бүдөмүктөнгөн Байымбет үн катпай дуулдаган кулагын делдейтти* (Бейшеналиев). *Экөө тең үн катпай, үй тарапка бурулду* (Ашымбаев). *Дагы көпкө чейин үн каптай, экөө тең ой толгоо тартып, өзүлөрүнчө үңкүйүп отуруп калышты* (Касымбеков).

**ҮН ЧЫГАРУУ** Өлгөн адамды жоктоп, кошуп ыйлоо. *Не эриңди жоктоп эртели-кеч үн чыгарганга жарабадың, – деген Нурматтын ага, жеңелеринин сөзүн алда нечен ирет уктум* (Жантөшев). *Калы мергенди жоктоп, аялы эки маал үн чыгарат* (Бейшеналиев). **В.: Үн салуу.** *Деп жаш сулуу муңданып, Буркурап, боздоп үн салды* (Турусбеков).

**ҮНДӨ** 1. Үн чыгаруу, унчугуу сайроо. *Кабагын карыш салып, үндөбөй үйүнө кетти* (Байтемиров). *Байчечекей гүлдөсө, Шагында булбул үндөсө* (фольк.). 2. Чакыруу,

чакырык кылуу. *Эркелетип сылап коюп чачтарын, Кемпир-чалдар эмгекке үндөйт жаштарын* (Осмонкул). *Эркиндикке элди үндөп, Ээ болдуң билим-сезимге* (Калык). 3. Чакырып алуу, өзүнө келтирүү (колго багылган, тапталган алгыр куштарга карата). *Ак шумкар учса асманга, Амалың болсо үндөп ал* (Токтогул). 4. Арбоо, дарымдоо. *Тиш ооруну үндөгөндө башына ак жоолук салат.*

**ҮНДӨК** Чакырык, чакырыкка көндүргөндүк (кыраан куштарга карата). *Бирок балапанынан колдо өскөнү үндөккө бат келет* (Каимов).

**ҮНДӨӨ I чакырык** менен бирдей.

**ҮНДӨӨ II үндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮНДӨШ I** Бири-бирине окшоштугу бар, өз ара жалпылыгы бар. *Чыгармалары үндөш жазуучулар.*

**ҮНДӨШ II** *диал.* Пикирлеш, сырдаш. *Пикирин билесиң го, ал сага үндөш го.*

**ҮНДӨШТҮК** Сөздөгү үндүү тыбыштардын жоон-ичкелиги, эринчил-эринсиздиги боюнча бири-бирине ылайыкташып ээрчишүү жолу.

**ҮНДҮҮ** 1. Үнү жакшы чыккан, үнү жагымдуу, шаңгыраган. *Колума алып күүлөсөм, Кошулушуп сүйлөсөм, Кооз үндүү комузум* (Токтогул). *Үндүү комуз. Үндүү коңгуроо. 2. лингв.* Айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурабастан, эркин чыгып, үндүн катышуусунан пайда болуучу тыбыш (мис., а, э, о ж.б.). 3. Үнү бар, үн чыгарган, сүйлөй турган. *Үндүү фильм.*

**ҮНӨ** Бүткөн бой, бүт денеси. *Аны көргөн адамдын үнө бою дүр этип* (фольк.).

**ҮНӨМ** Ашыкча сарпталбоочулук, ысырап кылынбай, үнөмдүү чыгымдалгандык. *Буудай сепсең береке, Үнөм болот турбайбы?!* (Барпы).

**ҮНӨМДӨ** Үнөм менен сарп кылуу, сарамжал мамиле кылуу, коромжуга учуратпоо. *Базар сайын бараалаңдап түгөтпөй, Эпкиндүүлөр, эмгегиңди үнөмдө* (Калык). *Наныңарды колдон келишинче үнөмдөгүлө* (Жантөшев).

**ҮНӨМДӨЛ үнөмдө** этишинин туюк мамилеси.

**ҮНӨМДӨӨ үнөмдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮНӨМДӨТ үнөмдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮНӨМДҮҮ** Көп коробой турган, көпкө жете турган, берекелүү, коромжусуз. *Үнөмдүү азык-түлүк. Үнөмдүү тоют.*

**ҮНӨМЧҮЛ** Үнөмдөөгө эпчил, тыкан, так, ыксыз сарп кылбоочу, ысырап кылбоочу. *Үнөмчүл киши.*

**ҮНӨӨ БОЙ** Тулку бой. *Үнөө боюн Үр кызындай көргөзгөн сүттөй сүйкүм балбылдак шоола күмүш жибек болуп төгүлүп турган экен* (Станалиев).

**ҮНСҮЗ** 1. Үн чыгарбаган, добушсуз, унчукпаган. *Чоң эне небересинин жоругуна үнсүз башын ийкеледи* (Сыдыкбеков). 2. *лингв.* Айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурап, үн менен шыбыштын же жалаң гана шыбыштын катышуусу менен айтылган тыбыштар (мис., б, в, г, д, т , с ж. б.).

**ҮНҮ БҮТҮҮ** Кардыгуу, үнү чыкпай калуу. *Алыстан булдур кабарды Алыша албай кезкезде, Эсиңде бардыр өткөн күн, Кардыгып үндөр бүткөн күн* (Элебаев).

**ҮНҮ БУУЛУУ** Сүйлөй албай токтоп калуу, үнү чыкпай, дабышын чыгара албай буулугуп калуу. *Жүрөгү түйлап, тили күрмөөгө келбегенсип, үнү буулду* (Ашымбаев). – *А..а.? – деп барып үнү буулуп калды* (Осмоналиев). *Кыйкырайын десе доошу чыкпай үнү буулуп, үрөйү учкан бойдон селейди* (Жигитов). **В.: Тамагы буулуу.** *Чокондун тамагы буулуп, каңырыгы түтөп кетти* (Абдыраманов).

**ҮНҮ КУДАЙГА ЖЕТҮҮ** *к.* **кудайга үнү жетүү.**

**ҮНҮ КУДАЙГА УГУЛУУ** *к.* **кудайга үнү угулуу.**

**ҮНҮ ТЕҢИРГЕ КЕТҮҮ** *к.* **кудайга үнү жетүү.**

**ҮНҮН БАСПОО** Эч басылбай ыйлай же сүйлөй берүү. *Эмилбек эки эле күн эмес, эки жума үнүн баспады* (Осмоналиев).

**ҮНҮН ЖАСОО** Ырдоого же сүйлөөгө камынып, тамагын кыра добуш чыгаруу. *Салкын жел жанды ойготот, таң да атат. Ырчыча какырынып үнүн жасап* (Турусбеков). *Сансызбай үнүн жасап, бир кеп айтчудай өңдөнүп отуруп, Абылдын ордуна сүйлөй кетти* (Сыдыкбеков).

**ҮНҮН КӨТӨРҮҮ** Ачууланып, бакылдап бек-бек сүйлөө. *Эч качан бирөөгө үнүн көтөрүп, үрпөңдөгөнүн көргөн жокмун.*

**ҮНҮҢ ӨЧКҮР** Ачуу үн чыгарып кыйкырып-өкүргөн, катуу дабыш салып тынчтык бербей тажатып жиберген учурда кимдир бирөөгө же бир нерсеге карата кыжырлануу, ачуусу келип тилдөө, каргап-шилөө маанисинде колдонулат. – *И-и үнүң өчкүр десе! – деп Тоозак эки кулагын алаканы менен баса койду* (Абдукаримов). *А үнүң өчкүр, колуң сынгыр, комузуңдун кылы үзүлгүр!* (Касымбеков).

**ҮҢКҮГҮЙ** Капа болгон кебетелүү, башын төмөн салган, шылкыйган.

**ҮҢКҮЙ** Капа болгон кебетеде башын төмөн салуу. *Эки колун бооруна алып, үңкүйө жер карап отурган Алыбай* (Жантөшев). *Ботом, уста, үңкүйбөй кабагыңды аччы* (Бейшеналиев).

**ҮҢКҮЙТ үңкүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮҢКҮЙҮҮ үңкүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮҢКҮР** Жердин чуңкур казылган жери,

чуңкур жай. *Асканын түбү жапкактуу үңкүр* (Жантөшев). *Кара токой мал эткен, Кара үңкүрдү үй эткен* («Манас»). *Кудая-тобо, ошондо Жаабарс үңкүрдө жок болуп чыгат* (Айтматов).

**ҮҢКҮР-МАҢКҮР** *дин.* Уламыш боюнча адам көмүлөөрү менен жана ал жердеги адамдар кетээри менен өлгөн адамды суракка ала турган эки периштенин аты.

**ҮҢҮ** Кандайдыр бир нерсенин асты жагынан ичин карай оюу, казуу, оюп кирип кетүү. *Ороону үңүп казуу. Жылдызкан саманды үңүп жиберип жатты* (Байтемиров).

**ҮҢҮЛ** Көз айырбай кароо, көз албай тиктөө, абыдан көңүл коюп кароо. *Каныбек дагы тактап, бир белгисин көрүүгө тырышкансып, карта бетине үңүлдү* (Жантөшев). *Кычан кулуюп, жерге үңүлүп, унчукпады* (Бейшеналиев).

**ҮҢҮЛДӨ** 1. Капалуу, кайгылуу түрдө ачык эмес үн чыгаруу. *Элемандан ал кетти, Үңүлдөгөн үн калды, Үксөйгөн сакал жүн калды* («Эр Табылды»). 2. Үңүлдөп ыйлоо.

**ҮҢҮЛДӨӨ** **үңүлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮҢҮЛДӨТ** **үңүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮҢҮРӨЙ** 1. Чуңкурайып, ич жагына кирип туруу. *Үңүрөйгөн тешик. Үңүрөйгөн ороо. Көздөрү үңүрөйүп, ичине кирип кеткен.* 2. Үңкүйүп, кабагын ачпоо, кабагы бүркөлүү. *Мага эмне үңүрөйөсүң?* («Ала-Тоо»). *Алымбай Батийнага үңүрөйө карады* (Сыдыкбеков).

**ҮҢҮРӨКӨЙ** Үңүрөйгөн, ич жагына чуңкурайган, чуңкур болуп көрүнгөн.

**ҮҢҮРӨНДӨ** Орой сөздөр менен ачуулanып, түрүн бузуп урушуу.

**ҮП I** *эск.* Кымбат баалуу мүлк, буюм. *Алтын сандык, түбүндө, Жыйнап койгон үбүндө* («Эр Төштүк»). *Кенжекенин үбү бар, Чаар ингендин үстүндө* («Эр Төштүк»). *Үйгө жыйган кызына. Үбүн сатты кайран эл* (Шайбеков).

**ҮП II** Эч кандай жел, шамал жүрбөгөн ысык, думукма, думуктурган аба. *Кечке күн ысып үп болуп турган* (Шимеев). *Жалаң тиги мелтиреген мейкин талаада гана эмес, көк жондун өзүндө да үп болуп турду* (Таштемиров).

**ҮПТӨӨ** Кадырлап күтүү, жасантып көрккө келтирүү. *Агача келин, кыз алып, Үптөй албай калдык – де* («Семетей» С.К.).

**ҮПҮ** *диал.* 1. Кыздардын баш кийиминин төбөсүнө кооз канат же саңоордон тагылган кооздук. 2. *Үпүп. Үпү менен шыйпаң дос, бучук менен жыртык дос* (макал).

**ҮПҮКӨ** Опойка, музоонун терисинен жасалган булгаарыдан тигилген өтүк. *Такасы карыш үпүкө өтүк.*

**ҮПҮП** 1. Темгил-темгил чаар жүндүү, ичин көздөй иймейген ийри тумшугу, башында таажысы бар канаттуу. *Куду этеги ичине кайрылган ак калпактай болгон таштын үстүндө эки сасык үпүп олтурат* (Сыдыкбеков). 2. *диал.* Кээ бир өсүмдүктөрдүн башындагы үлпүлдөк жумшагы. *Какымдын үпүбүн жел үйлөгөндөй үйлөдү.*

**ҮПЧҮ** 1. Топчу, бүчүнүн ордуна колдонулган, сызмадан эшилген кооз жиптен, ичке булгаары сызмадан жасалып, кийимге кадалган бүчүлүк. 2. Кооздоого, жасалгалоого керектелүүчү нерсе: алтын, күмүш, шуру, мончок ж.б.

**ҮПЧҮЛӨ** 1. Үпчү тагуу, үпчүлөрүн байлоо. 2. Кооздоо, жасалгалоо. *Минген атын үпчүлөп.*

**ҮПЧҮЛҮК** 1. Топчунун ордуна тигилген байлагыч. *Чопкуттун боосу бырчылдап, Үпчүлүктөрү үзүлгөн* («Эл адабияты»). 2. Кооздук үчүн пайдаланылуучу.

**ҮПЧҮЛҮҮ** 1. Үпчү тагылган. 2. Кооздолгон. *Кара бою үпчүлүү, капталынан топчулуу* (фольк.).

**ҮПЧҮН** 1. Кооз ат жабуу. *Көк тулпар атын үпчүндөп Темир менен орогон* («Эл адабияты»). *Боз аргымак коштотуп, Үпчүн жаап боштотуп* («Эл адабияты»). 2. Эпостук баатырлардын жоо кийими. *Үпчүн кийген эр.* 3. *диал.* Төшкө туташкан майлуу эт. *Төш үпчүнү менен чыгарылат.*

**ҮПЧҮНДӨ** Атка кооз жабдык жабуу. *Кара атты Жаңыл үпчүндөп, Минип турган кезинде* («Эл адабияты»).

**ҮР** Арс-арс, борс-борс эткен дабыш чыгаруу (мис. ит, түлкү). *Анда-санда түюк үргөн иттин үнү угулат* (Жантөшев). *Ок жетпес асманга карап борс-борс үрдү* (Сыдыкбеков). Кээ *бир учурда борс-борс үргөн түлкүнүн үнүн кулагым чалат* (Мидин).

**ҮРГҮЛЖҮ** Дүң, чогуусу менен, бүт, чогуу бойдон, жалпысы менен. *Бутурчу ишибизди үргүлжү баалап, жумушка кириштик.*

**ҮРГҮЛӨ** Бир аз уктап кетүү, чала уйкуда болуу, уйку-соонун арасында болуу, уйкусурап магдырай түшүү. *Жапар төрдө чыканактап газета окуп жатып, үргүлөп кетти* (Баялинов). *Ысак бир аз үргүлөп кеткен экен* (Абдукаримов). *Үргүлөй, бөк түшкөн бойдон диванда жаткан Аруукенин кулагы машиненин добушун кулагы чалды* (Стамов).

**ҮРГҮЛӨӨ** **үргүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮРГҮЛӨТ** **үргүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮРК** 1. Чочуп качуу, дүрбөп бир жакты көздөй ойт берүү, жалт берип качуу. *Динар үркүп келаткан жоон топ койлорду көрдү* (Сыдыкбеков). *Аманды көргөндө жылкылар бышкырып-кошкуруп үркө баштады* (Убукеев). 2. *өт.* Душман кол салганда жашаган жайын, жергесин таштап качуу, башка жайга ооп өтүү; дүрбөлөңгө түшүү. *Текеске карай үрккөн эл. Аймакташ элдер үрккөндөй көчө качышты* (Токомбаев). *Элемандан корккондон, Үркүп качты кайран эл* («Эр Төштүк»).

**ҮРКӨР** Асмандагы топ жылдыз. *Үркөр жамбашка түшсө, жазга таандык болгону. Үркөр кулжа айынын биринде кулпуга кирет, текенин онунда чыгат* (Юдахин).

**ҮРКӨРДӨЙ** Анча көп эмес, аз эле. *Калдайган калың айыл элек, үркөрдөй уч түтүн калдык* (Юдахин).

**ҮРКҮН** Элдин душмандан үркүп качкан катуу дүрбөлөңү (кыргыздарда мындай абал 1916-жылы аёосуз кыйратылган көтөрүлүш учурунда болгон). *Айткулу үркүндө окко учкан* (Баялинов). *Иван бул кесипке кече кыргыз үркүнүнөн кийин гана киришти* (Баялинов).

**ҮРКҮНЧӨӨК** Көп үркө турган, чочуп жалт берип кетме азоо, ойт берме. *Эки кулагы тик, көкүл-жалы кыркылган үркүнчөөк кашкага Зарылбүбү минди* (Осмоналиев).

**ҮРКҮТ үрк** этишинин аркылуу мамилеси. *Коңшуң коркок болсо, өзүңдү үркүтүп өлтүрөт* (макал).

**ҮРКҮҮ үрк** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮРӨ** Жоюу, жокко чыгаруу, кетирүү, коротуу. *Аласамды үрөп жиберди. Айлың менен тоскон соң, ачууму сага үрөдүм. Аттын болгон күчүн үрөп отуруп араң жеттим* (Өмүрбаев).

**ҮРӨЙ** Түр, кебете, кебете-кешпир. *Үрөйү суук киши. Алмамбет, Чубак түгөйү, Адамдан башка үрөйү, Аркыратып келатат* («Манас»). *Алар Жаабарсты дал ошондой абалда турган чакта көрүштү да, үрөйлөрү уч көчүп, демдери катып таш болуп өлүп калышты* (Айтматов).

**ҮРӨЙҮ УЧУУ** Абдан коркуп кетүү, калтаарып өңү бузулуу, коркунуч басуу. *Үрөйдү учуруп, Үн сүрөгөн аккан суу* (Жеңижок). *Шамбетти көргөн тигилердин үрөйү учуп кетти* (Бердикеев). *Эки көзү чекчейип, кара сакалы уйпаланып, үрөйү учуп, оозу жарым ачыла акактап алган* (Касымбеков). *Эмне балаа болуп кеткенин баамдай алышпай үрөйү учуп кетти булардын* (Өмүрбаев).

**ҮРӨЙҮН АЛУУ** Аябай коркутуу, эсин чыгаруу, коркутуп жүрөк заада кылуу. *Алда кайдан элдин үрөйүн алып озуна кабарлай... жаалдуу токтоду* (Бейшеналиев). *Азыр, тетиги саякатчынын үрөйүн алып, самсып келе жаткан - ошол Опол баштап чыккан кол* (Осмоналиев). **В.: Үрөйүн учуруу.** *Белчесинен ным тартып, урап кетчүдөй үрөйүңдү учурганы да аз эмес. Бул жамандыктын жышанасы дешип, момурап тынч жаткан элдин үрөйүн учурду* (Осмоналиев). **Үшүн алуу.** *Кулу калпанын максаты элдин үшүн алуу, эмгекчилердин көзүн будамайлоо* (Жантөшев).

**ҮРӨН** Себүүгө арналган урук, дан. *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле!* (Осмонкул). *Себүүгө даярдалган үрөн. Үрөн топтоо.*

**ҮРӨНДҮК** Үрөн кылууга ыйгарылган, үрөн катары жумшала турган. *Үрөндүк дан.*

**ҮРӨҢ-БАРАҢ** 1. Түрдүү түстө болуу (түпкү маани). 2. *өт.* Көз байланган кез, эртең мененки мунарык.

**ҮРӨӨК** *диал.* Саздуу жерде жүрүүчү, узун буттуу, өңү ылайга окшош, түнкүсүн «кыйк-кыйк» деп үн чыгара турган, чоңдугу кекиликтей келген канаттуу.

**ҮРӨТ үрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮРП I** 1. Адамдардын жана айбандардын эмчегинин учу, сүт чыга турган жери. 2. Эркектин жыныс органындагы сийдик өтүүчү каналдын учу, сийдик чыга турган жери.

**ҮРП II** 1. Куюлган идиштин (чаначтын, сабанын) түбүнө же бооруна туруп калган жана ачыткы катарында колдонула турган кымыздын бүртүк-бүртүк коюусу. 2. *диал.* Кымыз бишкегинин башы.

**ҮРП III: үрп-адат** Укумдан тукумга өтүп келе жаткан адат, салт.

**ҮРПӨГӨЙ** Үрпөйгөн, сексейген, иретсиз көрүнүштө болгон (жүнгө, чачка карата). *Үрпөгөй чач. Үрпөгөй кара күчүк.*

**ҮРПӨЙ** 1. Саксаюу, үрпөгөй тартып, иретсиз абалда болуу. *Чачтарың үрпүйүп кетиптир, жууп алсаңчы!* (Байтемиров). 2. Коркуу, чочуу, корккон, элтендеген абалда болуу. *– Кагылайын Чаргын! – дешти эшиктин алдында үрпөйүп турушкан Айымжан менен Каныш* (Сыдыкбеков). *Дүйшөн менин үрпөйгөн түрүмдү көрүп, жалооруп күлүп койду* («Ала-Тоо»).

**ҮРПӨЙТ үрпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮРПӨЙҮҢКҮ** 1. Бир аз үрпөйүп, үксүйүп калуу. 2. *өт.* Үтүрөңдөө, үрпөңдөө. *Чоңдор эмес, балдар үрпөйүңкү.*

**ҮРПӨЙҮҮ үрпөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮРПӨК** Үрпөйгөн, үксөйгөн, сексейип турган. *Староста үрпөк чачтуу чоң башын калдаңдатып ийкеди* (Бейшеналиев).

**ҮРПӨҢДӨ** 1. Сексейген, үрпөйгөн, селкилдеген көрүнүштө болуу. *Чачтары үрпөңдөйт.* 2. Ачуусу келүү, ачууланып урушуу. *Мага үрпөңдөй турган жөнүң жок* («Чалкан»).

**ҮРПӨҢДӨӨ үрпөңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮРПӨҢДӨТ үрпөңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮРПҮЙ үрпөй** менен бирдей.

**ҮРПҮЛДӨК** *диал.* Өңү кызыл келип, бою бир метрдей өсүп, көбүнчө кысыр аңызга чыгуучу өсүмдүк.

**ҮРТҮК** Жасалгаланган, коосдолгон ат жабуу. Үртүк, адатта, аттын соорусуна жабылуучу ат жабуу эмес, атка толук кийгизилген кооз жабуу катары түшүнүлөт. Кээде үртүк маанисинде минген аттын көкүлүнө, чокусуна тагылган, сайылып коюлган үкүнүн жүнү – канаты да айтыла берет. *Абайы үртүк, ат жабдык* («Манас» С.О.). *Аттарынын*

*баарысы, Үртүк менен жабылуу Күмүш эшик, жез үртүк, Бул калаа кандын коргону* («Курманбек»).

**ҮРТҮКТӨ** Үртүк менен жабуу, үртүк менен жабуулоо. *Үртүктөгөн күлүктөрүн жетелеттирип, Айдарбек, Тойчу датказлар келишти* (Жантөшев). *Үртүктөп бир ат мингизди, Үлкөндүгүн билгизди* (Калмырза).

**ҮРТҮКТӨӨ үртүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮРТҮКТӨТ үртүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮРТҮКТҮҮ** Үртүгү бар, үртүк жабылган.

**ҮРҮЛ** Боз мунарык таң агараардагы, түн кирердеги күңүрт жарык. *Таңкы үрүл. Кечки үрүл. Үрүл жарык, сансыз көздөр тепчип өткөн сен мени* (Медетов).

**ҮРҮМ** *диал.* Майда тууралып, камыр кошулбай даярдалган беш бармак тамагы.

**ҮРҮМДӨН ТАБЫЛБАС** Эч жерде, эч кимде жок. *Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайып коюп отурсам, ооздорун куу чөп менен аарчышат* (Айтматов).

**ҮРҮП ЧЫГАР ИТИ ЖОК** Колунда жок, өтө кедей, абдан жарды. *Мамат үрүп чыгар ити жок кедей* (Каимов). *Малын жанынан артык көргөн сасык бай, үрүп чыгар ити жок калганда жинди болуп кеткен дешет* (Абакиров).

**ҮРҮҮ үр** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮСТӨ** Кошумчалоо, үстүнө кошуу.

**ҮСТӨК** Үстүнө кошулган нарк, үстүнө кошуп берилген кошумча. *Канча үстөк бердиң?*

**ҮСТӨКӨ: үстөкө-босток** Үстү-үстүнө, кайра-кайра, дагы кайталап. *Салык муруттарын үстөкө-босток чыйратат* (Каимов). *Чоочун киши үстөкө-босток камчы уруп кетип барат* (Байтемиров).

**ҮСТӨКТӨ** Үстүнө кошуу, кошумчалоо.

**ҮСТӨМ** Басымдуулук кылган күч, бийлөөчү күч. *Күрөштө үстөм чыккан күчтүү Ала-Тоо, Ээледи нечен сонун жаңы көрктү* (Турусбеков). *Эмгекчинин үстөмү дүркүрөдү, күчөдү* (Элебаев).

**ҮСТӨМДҮК** 1. Үстөм болгондук, басымдуулук кылган абал, шарт. *Искусство, илим, өнөр үстөмдүктү кылышат, Айлык жолду асман менен кыска кылып салышат* (Токомбаев). 2. Бийлик, бийлик абалы. *Үстөмдүк жүргүзгөн тап.*

**ҮСТӨМДҮҮ** Үстөм келген, басымдуу, күчтүү. *Партия жеңиш, бакыт, кыпкызыл туу, Биз үчүн алгалаган үстөмдүү чуу* (Токомбаев).

**ҮСТӨМӨ** Кошумча, үстөк.

**ҮСТӨМӨН** Көмкөрөсүнөн, эт-бетинен, жүзү төмөн караган абал. *Байыр жерге барып үстөмөнүнөн жыгылды* (Баялинов). *Үстөмөнүнөн жатты.*

**ҮСТӨМӨНДӨ** Көмкөрөсүнөн, үстөмөнүнөн жатуу, жыгылуу. *Кай бири сүйгөнүнө таарынгансып, үстөмөндөп кар кучактап жатат* (Жантөшев). *Уруя жоолугунун учу менен бетин басып, полкага үстөмөндөп бүк түшүп жыгылды* (Байтемиров).

**ҮСТӨМӨНДӨӨ үстөмөндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮСТӨМӨНДӨТ үстөмөндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮСТҮ** 1. Кандайдыр бир нерсенин жогорку, үстүнкү бети, бөлүгү, төбөсү, астына карама-каршы жагы. *Үстү бийик тоо болчу, Ортосу таш зоо болчу* («Жазгыч акындар»). *Үйүбүздүн төрт дубалын көтөрүп, Үстүн дагы толук жаап бүтөбүз* (Турсунбеков). 2. Дагы, дагы кошумча. *Кой, какагандын үстүнө муштаган кылбайын* (Байтемиров). *Бол анда үстүңө бирдеме кийип чыга кой* (Жакиев). 3. Бир нерсенин маалы, убагы, жүрүп жаткан учуру. *Тамактын үстүнөн чыктым. Жумуштун үстүндө болуу.* 4. Ушул азыркы, азыр жүрүп жаткан учур. *Үстүбүздөгү жыл. Үстүбүздөгү доор.* 5. Кимдир бирөөнүн отурган жери, жайы. *Директордун үстүнө кирип бардым. Отурган коноктордун үстүнө кире беребизби?*

**ҮСТҮ-БАШЫ** Кийим-кечеси, кийими. *Үстү-башы дурус. Үстү-баштары чамбыл ала болгон жумушчулар жерде олтурушту* (Сасыкбаев).

**ҮСТҮ БҮТӨЛҮҮ** *к.* **ийни бүтөлүү.**

**ҮСТҮ ЖАҢЫРУУ** Колу бир нерсеге жетип, жаңы кийим кийип, тыңып калуу. *Мени менен жүрүп үстүң жаңырып, аттуу болдуң* (Бейшеналиев). *Үстү жаңырып, элижуртуна тың барсын* («Ала-Тоо»).

**ҮСТҮ-ҮСТҮНӨ** Кайра-кайра, кайта-кайта, улам-улам. *Папиросту үстү-үстүнө тартты. Үй ээси Токтогулга суроону үстү-үстүнө берип жатты* (Бөкөнбаев).

**ҮСТҮНКҮ** Жогорку, үстү жактагы, астынкынын карама-каршы жагы. *Үстүнкү кабаттагы тээтиги эки терезе менин квартирам* («Чалкан»). *Жолдун үстүнкү бети.*

**ҮСТҮНӨ ТҮШӨ КАЛУУ** 1. Чебеленип катуу аяган, болушкан, жан далбасалап коргоп, калкалаган абалда болуу. *Зулайка үстүнө түшө калды кызын аяп* (Бердикеев). *Бала дегенде үстүнө түшө калат.* 2. Бирөөгө кошомат кылуу маанисинде көзүнүн агы менен тең айланып чимирилип туруу, асты-үстүнө түшүп өтө элпек мамиле жасоо. *Жалынып-жалбарып үстүнө түшө калат.* **В.: Үстүнө түшүү.** *Өз энемдей болуп, үстүмө түшүп кошо айланып турат* (Абдукаимов).

**ҮСТҮНӨ ҮЙРҮЛҮП ТҮШҮҮ** Жалынып-жалбырып, эгилип-жагылып өтө жакшы көрүү. *Ал күйүмдүү бир тууганыңдай жапылдап, керек десең сен үчүн кара башын садага чаап, үстүңө үйрүлүп түшөт* (Исмаилов). *Алдейлеген атасындай камкордук көрүп, үстүнө үйрүлүп түшүп, асырап, дарылап, багып турат. Кокус сыркоолоп калсаң, үстүңө үйрүлүп түшө калат* (Медетов). **В.: Үстүнө**

**үйрүлүү.** *Азыр гана баланын тирүү экенине көзү жетип, ашканасынан май ала жүгүрүп, үстүнө үйрүлөт* (Осмоналиев). *Татыке да өз балдарынан мурда ушул үчөөнүн үстүнө үйрүлөт* (Өмүрбаев). **Үстүнө үйрүлө калуу.** *Кызы оорукчан болуп калгандан кийин аны ого бетер аяп үстүнө үйрүлө калат* (Сыдыгалиев).

**ҮСТҮНӨ ЧЫМЫН КОНБОГОН** Ээсинен башка адам минбеген же үстүнө такыр ээр салынбаган азоо ат. *Үстүнө чымын конбогон, Ээсинен башка минбеген, Азоо өскөн көк тулпар* (Эл ыры).

**ҮСТҮНӨН КУШ УЧУРБОО** Өтө аярлап, бапестеп, көзүн карап эркелетип багуу, асыроо. *Канетсин, байкуш Нурак менен аялы экөө Зарылынын үстүнөн куш учургусу келбейт* (Өмүрбаев). **В.: Куш учурбоо.** *Көзүн карабаганда кантет, бул бечаралардын да куш учурбай бапестеген жалгызы да* («Кыргызстан маданияты»).

**ҮСТҮНӨН ЧЫГУУ** Дал ошондой болуу, бири-бирине абдан шайкеш келүү, болжолу туура чыгуу. *Инисинин ою да мунун оюнун үстүнөн чыкты* (Укаев). – *Мен айтайын деген ойдун дал үстүнөн чыктың* (Ашымбаев).

**ҮСТҮРТӨН** 1. Үстү жагынан, жукалап, кайпалата, уч жагынан. *Үстүртөн көктөп, Самандай көпшөк* (Элебаев). *Үстүртөн кайпыта чабуу.* 2. Жалпы жонунан, жондотуп, анчалык терең эмес. *Үстүртөн түшүнүк берүү. Үстүртөн сүйлөп өтүү.*

**ҮСҮР** *туурасы:* **үзүр.** *Көшөрө иштеген эмгектин үсүрүн көрүп атабыз.*

**ҮТ** 1. Кичинекей кууш тешиктен кирген күндүн шооласы. 2. Кандайдыр бир нерселердеги кичинекей кууш тешик (мис., кулактын көзөнөгү же мончок, шурулардын көзү).

**ҮТҮК** Кийим-кече же башка материалдарды үтүктөө үчүн колдонулуучу буюм.

**ҮТҮКТӨ** Үтүккө басуу.

**ҮТҮКТӨӨ** **үтүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮТҮКТӨТ** **үтүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮТҮР** Сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн арасын ажыратуу үчүн коюлган тыныш белги (,).

**ҮТҮР-ЧЕКИТИНЕ ЧЕЙИН** Эч нерсесин калтырбай, бүт бардыгын, толук. *Качан ал кимдер келгенин, эмне дегенин үтүр-точкасына чейин айтып бергенде баары жакаларын кармап калышат.*

**ҮТҮРДҮҮ** Үтүрү бар, үтүр коюлган.

**ҮТҮРДҮҮ ЧЕКИТ** Үтүр жана чекит кошо коюлган тыныш белгиси (;).

**ҮТҮРӨЙ** 1. Жаман көз менен карап, кабак бүркөө, кабак чытуу, түнөрүү. *«Балким, сен алдамчыдырсың?» деп, Эркин Жумага карап үтүрөйдү* (Жантөшев). *«Сага сөз жок» деп, аксакалы ага астыртан үтүрөйүп койду* (Убукеев). 2. Начар, жупуну көрүнүү. *Үтүрөйгөн жаман десе! Баягы алачык жок, үтүрөйгөн, Боз үй жок тамтык кетип, ышка күйгөн* (Үмөталиев).

**ҮТҮРӨЙТ** **үтүрөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮТҮРӨЙҮҮ** **үтүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮТҮРӨКӨЙ** Үрөйү суук, кебетеси жаман.

**ҮТҮРӨҢ: үтүрөң-үтүрөң этүү.** Үтүрөңдөө.

**ҮТҮРӨҢДӨ** Үтүрөйгөн кебетеде, кабагын түйө ачууланув, урушуу, жини келүү. *Үтүрөңдөп ар качан, Өөн табат башкадан* (Маликов).

**ҮТҮРӨҢДӨМӨ** Урушчаак, чыр чыгаргыч.

**ҮТҮРӨҢДӨТ** **үтүрөңдө** этишинин аркылуу мамилеси. *Катуу сүйлөп, кабагын үтүрөңдөтүп, алымга карап умтулду.*

**ҮТҮРӨҢДӨШ** **үтүрөңдө** этишинин кош мамилеси. *Эл менен үтүрөңдөшпөй коштошсо да болот эле го.*

**ҮЧ** 1. 3 саны, эсеби. 2. Сабакка жетишүү жагын белгилей турган «орто» деген маанидеги баа. *Бир бала да үч албайт, Экзамендин маалында* (Осмонкул).

**ҮЧ БУРЧТУК** Үч сынык сызык менен чектелген фигура.

**ҮЧ КАШКА** *диал.* Бүркүттүн төбөсүндө үч агыш белгиси бар түрү.

**ҮЧ КЕСИМ** *этн.* Кылмыштуу кишиге же кылмыштуу деп аталган бир атанын балдарына тарттырыла турган айыптын өлчөмү. *Отурган аксакалдар салт боюнча үч кесим – бир тогуз (үчөө тай, үчөө кунан, үчөө бышты) тартуу камдашыптыр* (Убукеев).

**ҮЧ КОРГОЛ** Алты уя жасалып, ар бирине үчтөн коргол салып, анан эки киши бирибирине көчүп ойногон оюндун аты.

**ҮЧ КӨЧКӨН ЖУРТТАЙ КӨҢҮЛҮ КАЛУУ** *к.* **көңүлү үч көчкөн журттай калуу.**

**ҮЧ КӨЧКӨНДӨЙ БОЛУУ** *к.* **көңүлү үч көчкөн журттай калуу.**

**ҮЧ ТАМАН** *этн.* Үч тапан, 2 же андан көп балдардын чүкө оюну.

**ҮЧ УКТАСА ТҮШКӨ КИРБЕГЕН** Эч бир ойго келбеген, такыр ойдо жок, күтүлбөгөн жерден, капысынан болгон, таң каларлык. *Эми бүгүн радио угасыңбы, телевизор көрөсүңбү, газета окуйсуңбу, дегеле үч уктаса түшкө кирбеген шумдуктуу окуяларга дуушар болосуң. Өзүм да ушул балээге кириптер болом деген ой үч уктасам түшүмө кирбеген* («Чалкан»). **В.: Үч уктаса түштө жок.** *Берметтин жек көргөн кишисине тием деген ой анын үч уктаса түшүндө жок* (Абдукаимов). *Бирок, мындай кордук үч уктаса түшүмдө жок эле* (Бейшеналиев). **Уктаса түшкө киргис.** *Басмачылардын бул жоругу уктаса түшкө киргис иш болду* (Бейшеналиев).

**ҮЧАЛА** Чанда кезиккен ак бүркүт.

**ҮЧКҮЛ** Үч бурчтук. *Кең бурчтуу үчкүл.*

**ҮЧМӨӨРӨ** *диал.* Жүгүрүп ойногон ар кыл оюндардагы оюн чеги.

**ҮЧТҮК** Чакмак таш оюнунда таштарды үч-үчтөн жыйнап терип алуу учуру.

**ҮЧТҮН АЙЫ** Кыргыздын жыл сүрүү календарынын он биринчи айы, декабрь айы.

**ҮЧҮК** *диал.* Боз үйдүн уугунун үстүнө жаап коюучу кичине кийиз.

**ҮЧҮЛҮК** Өлгөн адамга куран окутуу катарында үч күн өткөндөн кийин берилүүчү тамак. *Үч күндөн кийин Карып Ажардын үчүлүгүн берди* (Жантөшев).

**ҮЧҮН** Максатты, себепти көрсөтүү үчүн колдонулат. *Таалай үчүн бүткөн жол, Таңыркатат караса* (Токомбаев). *Жеңиштүү эмгек үчүн алынган Кызыл Туу чоң таштын үстүнө орнотулду* (Сасыкбаев).

**ҮЧҮНЧҮ** Үчтүн иреттик саны. *Үчүнчү класс. Үчүнчү жыл. Мени менен учурашканы келген кишилер үчүнчү күндө араң суюлду* (Токомбаев).

**ҮШ** 1. Эс, аң-сезим, акыл. *Үшүнө келип олтуруу* («Манас» С.О.). *Муунумду, үшүмдү, Алып жүрөт, ак назик* (Эл ырлары). 2. Коркуу абалы. *Бул туткундарды чак түштө элдин көзүнчө айдоодогу максат элдин үшүн алуу эле* (Жантөшев).

**ҮШКҮ** Көзөө, тешүү үчүн колдонулуучу аспап, көзөгүч. *Керегенин көзүн үшкү менен тешүү. Темир үшкү киргендей* («Манас» С.О.).

**ҮШКҮР** Үшкүрүк чыгара оор дем алуу. *Карыя комузду колуна кармап, ырдын машакатын эске түшүрүп, үшкүрүп жиберди* (Токомбаев). *Үшкүрүп улам-улам, Үмүтүм сыздайт кээде* (Шакирова).

**ҮШКҮРТ үшкүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮШКҮРҮГҮ ТАШ ЖАРУУ** Бир нерсеге катуу кайгырып капа болуу, күйүт тартуу же өтө жаны кейүү абалын көрсөтүү. *Капалаңдын жылдызы жерге түшүп, үшкүрүгү таш жарат* (Бейшеналиев). *Үшкүрүгүңүз таш жарат, бир жериңиз ооруп жатабы?* (Тойбаев). *Жашы 15–16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат* (Баялинов).

**ҮШКҮРҮК** Капаланганда, кайгырганда же чарчаганда үшкүрүнүп катуу чыгарган дем. *Улутунуу менен үшкүрүктөр болбосо, үйдүн ичи жымжырт* (Токомбаев). *Бул бараткандардын ичинен Карыптын үшкүрүгү күчтүүрөөк чыккансыйт* (Абдукаримов).

**ҮШКҮРҮН** Үшкүрө берүү кайта-кайта үшкүрүү. *Үч күн ойлоп, үшкүрүнүп, Эпке келди карыя* (Токомбаев).

**ҮШКҮРҮҮ үшкүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮШӨ: жер үшө** Чоочун, бөтөн жерде жүрүп өз жерин сагынуу, бөтөн жерге көнө албай жүдөө, азуу. *Каныбек келгенден кийин жер үшөп, чоочун турмушка көнө албады* (Жантөшев).

**ҮШӨӨ үшө** этишинин кыймыл атоочу. *Жер үшөө.*

**ҮШҮ** Суукtун, муздактыктын таасири менен муздоо, тоңуу, муздаган, тоңгон абалга келүү. *Комузчулардын колу үшүп, күү черте албады* (Убукеев). – *Үшүгөнүм деле жок,* – *деп, Омор Сагын менен амандашты* (Жантөшев).

**ҮШҮ КЕТҮҮ** Катуу коркуп жүрөк заада болуу, абдан мүңкүрөгөн, үрөйү учуп абдан корккон абалда болуу. *Мына ушуга толук ынанган элдин үшү кетип, Красин менен Аламановду каргап-шилеп жатышты* (Акматов). *Калпанын кысымынан ансыз да мүңкүрөгөн журттун үшү кетип, муң-зары ырбады* (Бейшеналиев). *Үшү кетип калганы* («Манас» С.О.). **В.: Үшү учуу.** *Атып жиберbегей эле дешип, балдардын үшү учту* (Каимов). *Төлөмүштүн үшү учуп, жүрөгү оозуна тыгыла түштү* (Бердикеев).

**ҮШҮК** Үшүтүп, зыяндатып кете тургандай суук. *Жарды байкуш кантти экен? Балдары үшүп бүжүрөп* (Асан кайгы). *Менин бүтүм үшүктүн залдарынан канаган* (Жантөшев). *Үшүп турган дарактын үңүлдөгү, Кар апкелген шамалга каршылашкан* (Мукашева). *Жаңы гүлдөгөн мөмөлөрдү үшүккө учуратпоого аракет кылалы.*

**ҮШҮКЧӨӨЛ** Суукка чыдамсыз, байымы жок, бат үшүп кетүүчү.

**ҮШҮН АЛУУ** Коркутуу.

**ҮШҮНӨ КЕЛҮҮ** Эсине келүү, бир аз эс-учун жыюу. *Мына ушул сөздү укканда Айдаралы, үшүнө келип калган болучу* (Абдукаримов). *Мансур бир топтон кийин гана үшүнө келди* (Абдукаримов).

**ҮШҮНТ** Ушундай кылуу, ушундай этүү.

**ҮШҮР** *тар.* Эгин жыйналган маалда түшүмдүн ондон бирине туура келген өлчөмдө төлөй турган салык, алым. *Үмүт кылсаң жаныңдан, Үшүр бергин даныңдан* (Тоголок Молдо). *Молдолор чыгат «питир» деп, Кожолор чыгат «үшүр» деп* (Токтогул). *Алман, зекет, үшүрүн, Билгениңче алгын деп* («Эл адабияты»).

**ҮШҮТ үшү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ҮШҮҮ үшү** этишинин кыймыл атоочу.

**ҮШҮЧӨӨК үшүкчөөл** менен бирдей.

# Ф

**ФА** Музыкалык гамманын төртүнчү нотасы.

**ФАБРИКА** Чийки заттарды техникалык жол менен иштетип, ар кандай өндүрүмдөрдү даярдап чыгаруучу өнөр жай ишканасы. *Бектур 1951-жылы машыккан ширетүүчү катарында «П» фабрикасында иштөөгө келди* (Сасыкбаев). *Сулуулар, пахта тергиле, Фабрикага бергиле* (Үмөталиев).

**ФАБРИКАНТ** Фабрикага ээ болгон, фабрика ээлөөчү капиталист.

**ФАБРИКАТ** Фабрикада иштеп чыгарылган даяр нерсе, өндүрүм.

**ФАБУЛА** *адаб.* Аңгеме, тамсил эпикалык, драмалык лирикалык-эпикалык чыгармалардагы сүрөттөлгөн окуялардын жүрүшү.

**ФАВОРИТ** 1. Чоң даражадагы кишинин колдоосу менен пайда тапкан жана жеңилдик алган анын жакшы көргөн кишиси. 2. *спорт.* Ат чабышта биринчиликти алууга мүмкүнчүлүгү бар ат.

**ФАВУС** *а.ч.* Үй куштарынын, кээде сүт эмүүчүлөрдүн жугуштуу ылаңы.

**ФАЗА** 1. Кандайдыр бир коомдук процесстин тарыхый өнүгүшүндөгү айрым кырдаалдык мезгил, доор. 2. *экон.* Бир нерсенин өнүгүү жана өзгөрүлүү жолундагы учуру, айрым кырдаалы, ошондой эле бул учурдун абалы.

**ФАЗАЛУУ** Генератор түйүнүн жеке тобу менен ага жалганган электр зымы. *Үч фазалуу электр тогу.*

**ФАЗЕНДА** Көп аймакты ээлеген жеке чарба.

**ФАЙЛ** *инф.* Байланышкан жазылыштардын же берилиштердин жыйындысы. Алар бир ысым менен сактагыч түзүлүштөрдө сакталат.

**ФАКЕЛ** Кыска жыгачтын башына майлуу кендир оролуп, жарык кылуу үчүн жагылуучу шам чырак.

**ФАКИР** 1. Кайырчылык кылып тентип жүргөн мусулман молдосу. 2. Ар түрдүү «укмуштарды» көрсөтүп жүрүүчү дубана, көз байлоочу, сыйкырчы.

**ФАКС** *инф.* Документтердин сүрөттөлүшүн телефон линиялары аркылуу жиберүү жана кабыл алуу.

**ФАКСИМИЛЕ** 1. Бирөөнүн кол жазмасын, коюлган колун туура өзүндөй кылып тууроо. 2. Кандайдыр бир документтин, сүрөттүн фотомеханикалык жол менен туура өзүндөй болуп түшүрүлгөн көчүрмөсү.

**ФАКТ** 1. Чындык, болгон окуя, кубулуш. *Мен фактыны айттым! – деди Марк Соломонович* (Сасыкбаев).

**ФАКТОГРАФ** Жыйынтыктабай, анализдебей фактыларды жазган адам.

**ФАКТОГРАФИЯ** Жыйынтыктабай, анализдебей фактыларды жазуу.

**ФАКТОЛОГИЯ** Факты материалдарга, документалдуулукка таянган, фактыны жазган илим.

**ФАКТОР** 1. Кандайдыр бир процессти же кубулушту шарттоочу негизги күч, факт. 2. *мат.* Ар бир көбөйтүлүүчү сан.

**ФАКТУРА I** Жөнөтүлгөн товарлардын саны, салмагы жана баасы толук жазылган эсеп.

**ФАКТУРА II** 1. Сүрөт искусствосундагы техникалык ыкмалардын өзгөчөлүгү, бөтөнчөлүгү. 2. *муз.* Ар бир чыгармага тийиштүү жеке өзгөчөлүк, музыкалык сезим менен кабыл алынып, кулак менен угууга мүмкүн болгон бөлүгү.

**ФАКУЛЬТАТИВДИК** Милдеттүү эмес, милдеттендирилбеген, тандоого коюлган.

**ФАКУЛЬТЕТ** Жогорку окуу жайында илимдин бир тармагын өз ичине алган, ошол тармак боюнча окутуу ишин жүргүзгөн бөлүм. *Тарых факультети. Филология факультети. Биология факультети.*

**ФАЛЬСИФИКАТОР** Фальсификация жасоочу, фальсификация жолуна түшкөн киши. *Тарыхтын фальсификаторлору.*

**ФАЛЬСИФИКАЦИЯ** 1. Көз боёмолоо, чыныгы нерсени жалган менен, анык нерсени калп менен алмаштыруу. 2. Сатуу үчүн дайындалган буюмдардын түрүн жана касиеттерин арам максаттарда өзгөртүү.

**ФАЛЬСТАРТ** *спорт.* Чуркоодо, сууда сүзүүдө ж.б. стартты команда бергенден мурун баштоо.

**ФАЛЬСТАФ** Мактанчаак, келжирек, куру сүйлөй берген адам.

**ФАЛЬЦОВКА** Басмага басылган кагаздарды белгилүү ык менен бүктөө.

**ФАЛЬШ** 1. Арампөөштүк, арамзалык. 2. Алдамчылык. 3. *муз.* Натуура, туура эмес тон.

**ФАМИЛИЯ** Өз аты менен бирге кошулуп айтылуучу жана балдарына (ылайык табышса аялына да) өтүп, укумдан тукумга сакталып колдонула берүүчү жалпы үй-бүлөлүк ат. *Менин фамилиямды качан чакырар экен деп, Мусабек почтальонду чыдамсыздык менен жал-жал карайт* (Абдумомунов).

**ФАМИЛЬЯРДУУЛУК** Ыгы жок теңтушсунуу, өзүн ашыкча эркин сезүүчүлүк, адепсиздик.

**ФАНАТ** 1. Диний ишенимге жеткире сугарылган, ага өзгөчө катуу берилген, башка

диндик ишенимди, анын өкүлдөрүн аябай жек көргөн киши. 2. Кандайдыр бир ишке, идеяга ж. б. өзгөчө кызыгуу менен берилген, аны жан-дили менен колдогон, анын бардык ишине ар дайым даяр турган киши.

**ФАНАТИЗМ** Өзүнүн диний ишенимине өзгөчө катуу берилген, башка ишенимди кайнаса каны кошулбагандай жек көргөн фанатиктин ой-пикирине, түшүнүгүнө, аракетине мүнөздүү көрүнүш, анын өзгөчөлүгүн аныктоочу белгилердин жалпы жыйындысы.

**ФАНАЦИЯ** 1. Тыбыштардын жасалышы, кептеги тыбыштарды жасоо учурун, тыбыш жасоочу органдардын биргелешип иштеши о.э кепти угуу аркылуу кабылдоонун жыйындысы. 2. Кептин тыбыштык сапаты, аны айтууга зарыл болгон кекиртектин иштеши менен шартталышы.

**ФАНЕРА** 1. Жакшы көрк берүү үчүн жыгачтан жасалган буюмдардын сыртынан каптатылган жыгачтын жука, жазы тилкеси. 2. Бир нече кат жука тактай тилкесинен каттанган жана жабыштырылган такта. *Иван Безруков болсо ушул кыштактагы фанера заводунда мастер болуп иштей турган* (Сыдыкбеков).

**ФАНТАЗЁР** *к.* **фантазиячыл.**

**ФАНТАЗИЯ** 1. Чыгармачылык менен кыялданууга, кыялдуу ой жүгүртүүгө карата болгон жөндөмдүүлүк. *Бул жазуучунун фантазиясы бай. Поэтикалык фантазия.* 2. Куру кыял, иш жүзүнө ашпас, жалган нерсе. 3. *муз.* Эркин формадагы музыкалык чыгарма.

**ФАНТАЗИЯЛУУ** Фантазиясы бар, фантазия аралашкан. *Жөө жомоктордун окуялары фантазиялуу болот.*

**ФАНТАЗИЯЧЫЛ** 1. Фантазияны сүйгөн, кыялкеч. 2. Фантазиялуу апыртып сүйлөгөн, апыртма адам.

**ФАНТАСТИКАЛУУЛУК** 1. *адаб.* Кыял, ойдон чыгарылган, турмушта болууга мүмкүн эмес, же азырынча кыялда гана жашаган нерселерди чагылдыруунун тиби, турмушту образдуу чагылдыруунун бир жолу. 2. *өт.* Апыртылган, чындыкка жатпагандык.

**ФАНФАРА** *муз.* 1. Кабар берүүчү үйлөмө музыкалык жез аспап. 2. Салтанаттуу же аскердик мүнөздөгү обон.

**ФАРАОН** Байыркы Египет падышаларынын титулу жана ушул титулду алып жүрүүчү.

**ФАРМАКОЛОГ** Фармакология боюнча адис.

**ФАРМАКОЛОГИЯ** Дарылардын касиеттерин, алардын ар кандай ооруларга тийгизген дарылык таасирлерин үйрөтүүчү илим.

**ФАРС 1.** Театрда оройураак күлкүлүү жеңил мазмундагы водевиль, комедия. 2. *өт.* Эки жүздүүлүк, жалгандык.

**ФАРТУК алжапкыч** менен бирдей.

**ФАРФОР** Ак чопонун жогорку сортунан жасалган минералдык масса жана андан иштеп чыгарылган буюм, идиш-аяк ж.б.

**ФАРШ** Майда тууралган эт.

**ФАРШТАЛГАН** Ичине майда тууралган эт, пияз, сабиз ж.б. татымдар салынып бышырылган.

**ФАСАД** Имараттын мандай жагы.

**ФАСИЛ** Бөлүк, глава. *Фасил Солто уругу. Тагайдан: Богорстон, Койлон, Кылжыр,– үч уул. Богорстондон – Солто, Койлондон – Жедигер. Кылжырдан: Темир, Болот, Тынай, Бугу – төрт уул* (Кыргыз тарыхы)

**ФАСОЛЬ** Буурчактын бир түрү.

**ФАСОН** 1. Кийимдин ж.б. бычымы, үлгүсү, модели. *Пальтонун фасону мага өзгөчө жакты.* 2. *өт.* Кебете, түр, манера.

**ФАСЦИОЛЕЗ** *а.ч.* Малдын жалпак мите курттар пайда кылуучу «боор курт» ылаңы.

**ФАТА** Жеңил кружевалуу тордон жасалган колуктунун баш кийими.

**ФАТАЛДЫК** Тагдырга жазылган, болбой койбос, болтурбай коюу колдон келбес деген мааниде.

**ФАТАЛИЗМ** Тагдырдын, жазмыштын сөзсүз түрдө ишке аша тургандыгына ишендирүүгө далалаттанган диний-философиялык окуу.

**ФАТАЛИСТ** Фатализмге ишенген адам.

**ФАТУМ** Тагдыр, жазмыш, рок.

**ФАТЫВА** *эск.* Чечим, токтом (мындай токтомду дин жолу менен муптулар, мужтахиддер чыгарган. *Молдолор, эшендер, кожолор эмгекчилердин өлдүм-талдым дегенде тапкан бирин эки булдарын алдап, карындарын толтурду. Алда кайдагы эски фатывалар менен караңгы элдин көзүн будалады* (Эркин-Тоо, № 1, 1924-ж.). *Төрөлөргө жана анын солдаттарына каршы казатка аттанууга «батуба» кылып тарашты* (Убукеев).

**ФАУНА** Белгилүү бир жердеги, өлкөдөгү, геологиялык доордогу жаныбарлардын бардык түрлөрүнүн жалпы жыйындысы, жаныбарлар дүйнөсү.

**ФАЦИЯ** *геол.* 1. Чөгүндүү тоо тек. 2. Физика-географиялык чөйрө.

**ФАШИЗМ** Империалисттик буржуазиянын жеткен агрессивдүү чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын көздөгөн өтө реакциячыл саясий агым жана ашкан шовинизм, расизм, бардык демократиялык боштондукту жок кылуу, басып алуучулук согуштарды даярдоо, баштоо сыяктуу мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар монополисттик капиталдын террористтик диктатурасы.

**ФАШИСТ** Фашизмди жактоочу, фашисттик идеядагы адам. *Кыргын салып фашистке, Кызуу менен жеңишке* (Калык).

**ФАШИСТТИК** Фашистке таандык. *Фашисттик жыландарды селодон чыгарбай күмжам кылышты* (Жантөшев).

**ФАЭТОН** 1. Үстү жабык жеңил араба. 2. Кузову ачык жеңил автомобиль.

**ФАЯНС** Чопонун өзгөчө сортуна гипс заттарды аралаштырып, карапа ж.б. жасоого материал катары колдоно турган минералдык масса.

**ФЕВРАЛЬ** Календардык жылдын экинчи айы.

**ФЕДЕРАЦИЯ** 1. Өз алдынча болгон мамлекеттерден бириккен бир бүтүн мамлекет. *Биздин өлкөбүздөгү биринчи федерация Россиялык федерация болгон.* 2. Айрым коомдордун же уюмдардын бирикмеси, союзу. *Бүткүл дүйнөлүк профсоюздардын федерациясы.*

**ФЕЕРИЯ** 1. Театрда сонун жасалганы талап кылган, укмуштуу маанидеги пьеса. 2. *өт.* Эң эле укмуштуу сонун, жомоктогудай көрүнүш.

**ФЕЙЕРВЕРК** 1. Жеңил жарылмалуу аралашмаларды күйгүзүүдөн пайда болуучу түркүн түстөгү кооз оттор. 2. Жалбырт этип өтө жарык күймө жеңил жарылма кошунду; бул аскер жана деңиз иштеринде сигнал жана иллюминация үчүн колдонулат.

**ФЕЛЬДМАРШАЛ** Падышалык армиядагы жана кээ бир чет өлкөлүк армиядагы генералдык жогорку чин жана ушундай чиндеги адам.

**ФЕЛЬДФЕБЕЛЬ** Эски Россиялык армияда жана кээ бир чет өлкөлүк армияларда – ротанын командиринин жардамчысы болуп эсептелген унтер-офицер.

**ФЕЛЬДШЕР** Медициналык орто билими бар кызматкер, врачтын жардамчысы. *Алексеевге дары алуу шылтоосу менен фельдшердикине барган* (Жантөшев).

**ФЕЛЬЕТОН** Күндөлүк турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөрдү, кемчиликтерди, коомго жат адаттарды мыскылдап, ашкерелеп, көркөм адабияттын, өзгөчө сатиранын ыкмалары менен жазылган публицистикалык макала.

**ФЕЛЬЕТОНИСТ** Фельетон жазуучу, фельетондордун автору.

**ФЕМИНИЗМ** Аялдардын укугун эркектерге теңөөнү жарыялоочу, жактоочу саясий агым.

**ФЕМИНИСТКА** Феминизмди жактоочу.

**ФЕН** Чачты кургатууда, жасалгалоодо пайдаланылуучу электрдик желдеткич.

**ФЕНИКС** 1. *астр.* Түштүк жарым шардагы топ жылдыз. 2. Байыркы Египет мифологиясындагы өлөөрүнө жакындаган күйүп кетип, күлүнөн кайра жашарып, жаңырып жаралуучу сыйкырдуу куш.

**ФЕНОЛ** Дезинфекция үчүн колдонулуучу зат.

**ФЕНОЛОГ** Фенология боюнча адис.

**ФЕНОЛОГИЯ** Өсүмдүк жана жаныбарлардын өсүп-өнүгүшүнүн жыл мезгилинин жана аба ырайынын өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү биология илиминин бир тармагы.

**ФЕНОМЕН** 1. Кандайдыр бир нерсенин маңызын ачуучу көрүнүш. 2. Өтө сейрек кездешүүчү, өзгөчө артыкча көрүнүш. 3. Кайсы бир багытты өзгөчө, артыкча жөндөмгө эгедер.

**ФЕНОМЕНАЛДУУ** 1. *фил.* Феноменге таандык. 2. *өт.* Сейрек, өзгөчөлүү, артыкча, укмуш.

**ФЕНОМЕНАЛИЗМ** *фил.* Объективдүү дүйнөнүн жашоосун танып, бирден-бир реалдуулук катары аң-сезимдик кубулуштарды таануу.

**ФЕНОМЕНОЛОГИЯ** Адамзат аң-сезиминин өнүгүү жолдору жөнүндөгү окуу.

**ФЕНОПЛАСТ** Жылытканда жана муздатканда формасын оңой өзгөртүп аны сактап калган пластикалык масса.

**ФЕНОТИП** Өнүгүү процессинде калыптанган организмдин бардык белгилеринин, касиеттеринин жыйындысы.

**ФЕОДАЛ** Феодалдык коомдогу үстөмдүк кылуучу таптын өкүлү; помещик-крепостник. *Феодалдар, кулак-куйрук айдалып, Жаңы турмуш гүлдөп жатат жеринде* (Токомбаев).

**ФЕОДАЛДЫК** Феодалга, феодализм коомуна таандык. *Феодалдык түзүлүш.*

**ФЕОДАЛИЗМ** Жер, өндүрүш каражаттары бүт бойдон жана көз каранды крепостной дыйкандар жарым-жартылай феодалдардын менчиги болуп эсептелген, ошондой эле феодалдар өз территориясында мамлекеттик бийликти жүзөгө ашырууга укуктуу болгон капитализмден мурунку коомдук түзүлүш.

**ФЕРЗЬ** Түз жана бурч менен каалаган клеткага жүрө алуучу, шахмат оюнундагы күчтүү фигура.

**ФЕРМА** Менчик же арендага алынган жер участкасында түзүлгөн жеке чарба, айыл чарба ишканасы. *Ферма башчысы.*

**ФЕРМЕНТ** Тирүү клетка аркылуу иштелип чыгуучу, тамак сиңирүүчү, организмде заттардын алмашуусун жөнгө келтирүүчү органикалык зат.

**ФЕРМЕР** Ферманын ээси.

**ФЕСТИВАЛЬ** Массалык салтанат, музыкалык, театр жана кино искусствосун көрсөтүү. *Театралдык фестиваль.*

**ФЕТИШ** 1. Тумар, ырым-жырымга ишенген адамдар сыйкырдуу касиети бар, жардам сурап, тилек тилеп сыйынгандарга анын жардамы тиет деп эсептелген буюм. 2. *өт.* Далилсиз эле ыйык, сөзсүз чындык деп таанылган нерсе же кубулуш.

**ФЕТИШИЗМ** 1. Байыркы доорлордогу жансыз буюмга табынуучулук, сыйынуучулук ишеними. 2. *өт.* Бир нерсеге сокур ишенүүчүлүк.

**ФЕТР** Жогорку сапаттагы жүндөн таптালып жасалган тыгыз кийиз.

**ФИАЛКА** Ар түрдүү гүл ачкан декоративдүү өсүмдүк.

**ФИГУРА** 1. Келбет, кишинин сымбаты. 2. *өт.* Көбүнчө бир чоң киши жөнүндө. 3. Кишинин же айбандын скульптуралык келбети. 4. Геометриялык үч бурчтук, тегерек фигура. 5. *шахм.* Ат, пил, падыша сыяктуулары, дойбудан башка. 6. Картада – балта, матыке, найза, туз. 7. Бийде, гимнастикада, коньки тебүүдө ж.б. аткарылган кыймыл.

**ФИДЕИЗМ** Динди илимдин ордуна койгон ар кандай реакциячыл көз караш.

**ФИЗИК** Физика жагынан адис.

**ФИЗИКА** Материянын түзүлүшү, касиети жана анын кыймылы, өзгөрүш формалары, органикалык эмес жаратылыштын жалпы закон ченемдүүлүгү жөнүндөгү илим. *Ядролук физика. Электрондук физика. Физика окуу китеби.*

**ФИЗИКАЛЫК физикага** таандык. *Физикалык химия, физикалык кош жылдыз.*

**ФИЗИОЛОГ** Физиология боюнча адис.

**ФИЗИОЛОГИЯ** 1. Организмдин тиричилик функциялары жөнүндөгү илим. *Адамдын физиологиясы.* 2. Организмдин функциялары жана аларды башкаруучу закондор. *Дем алуунун физиологиясы.*

**ФИЗИОЛОГИЯЛЫК физиологияга** таандык.

**ФИЗИОНОМИЯ** 1. Адамдын бет түзүлүшү, түспөлү, кебете-кешпири. 2. Ар нерсенин өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү, кебетеси, түзүлүшү.

**ФИЗКУЛЬТУРА** Дене тарбия, ден соолукту, денени чындап, бардык жагынан өркүндөтүүчү гимнастикалык машыгуулар, көнүгүүлөр.

**ФИЗКУЛЬТУРАЛЫК физкультурага** таандык.

**ФИЗКУЛЬТУРНИК** Физкультура жана спорт иштери менен иришкен адам, спортсмен.

**ФИКЦИЯ** Жалган, болбогон неме.

**ФИЛАНТРОП** Филантропия менен иришүүчү киши.

**ФИЛАНТРОПИЯ** Адамды жакшы көрүүчүлүк, кайыр-садагачылык, бей-бечараларга жардам кылуу.

**ФИЛАРМОНИЯ** Концерт берүү жана музыкалык пропагандаsuccessfully уюштуруу иштерин жүргүзүүчү мекеме же коом.

**ФИЛЕ** Сөөгү тазаланган эт же балык.

**ФИЛИАЛ** Ишкананын же мекеменин өз алдынчалыгы бар бөлүмү. *Институттун филиалы. Музейдин филиалы.*

**ФИЛОГЕНЕЗ** Организмдин тарыхый өнүгүүсү же органикалык дүйнөнүн тип, класс, тек, түрдүк жактын өнүгүү эволюциясы.

**ФИЛОЛОГ** Филология боюнча адис.

**ФИЛОЛОГИЯ** Тил жана көркөм сөз искусствосунун маселелерин изилдөөчү илимдердин жалпы жыйындысы.

**ФИЛОЛОГИЯЛЫК филологияга** таандык.

**ФИЛОСОФ** Философия боюнча адис, ошондой эле дүйнөгө көз карашка тийиштүү маселелерди иштеп чыгуу жагында эмгектенген ойчул адам.

**ФИЛОСОФИЯ** Табияттын, коомдун жана ойлоонун өнүгүшүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү илим. *Бар экен философия деген илим, Ал мага мындай бир ой кошту кийин* (Токтогулов).

**ФИЛОСОФИЯЛЫК философияга** таандык.

**ФИЛОСОФИЯЛЫК-МЕДИТАТИВДИК ЛИРИКА** *адаб.* Акындын өмүр-өлүмгө, турмуш – жашоого карата ички ой толгонууларынын натыйжасынан келип чыккан поэтикалык чыгарма.

**ФИЛЬМ кинофильм** менен бирдей.

**ФИЛЬМОСКОП** Кыймылсыз сүрөттөрдү көрсөтүү үчүн ылайыкталган проекциялык аппарат.

**ФИЛЬМОТЕКА** Атайын сакталгычта белгилүү иретте жайгаштырылган киноленталардын жыйындысы.

**ФИЛЬТР** 1. Суюктукту, газды тазалап өткөрүүгө ылайыкталган чыпка. 2. Кээ бир нурду, электромагниттүү толкундарды өткөрбөй кармай турган прибор.

**ФИНАЛ** 1. Бир нерсенин аягы, жыйынтыгы. *Иш финалга жакындап калды.* 2. *иск.* Музыкалык, театралдык же адабий чыгарманын корутунду бөлүгү. 3. *спорт.* Спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрдү аныктай турган жыйынтыктоочу бөлүгү.

**ФИНАНСИСТ** 1. Финансылык операцияларды жүргүзүү боюнча адис. 2. Акча жүгүртүү иштерин жетектөөчү ишкер, банкир.

**ФИНАНСЫ** Акча каражаттарынын жыйындысы, акча операциясы. *Мамлекеттик финансы.*

**ФИНАНСЫЛА** Акча каражатын берүү.

**ФИНАНСЫЛОО финансыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ФИНАНСЫЛЫК финансыга** таандык.

**ФИНИШ** 1. Спорттук жарыштын акыркы бөлүгү. 2. Ушундай жарышка катышкандардын келип токтоочу жери, жарышка ыйгарылган аралыктын акыркы чеги.

**ФИРМА** 1. Товар сатуучу же буюм жасап чыгаруучу соода же өнөр жай ишканасы. *«Кыргызмебель» фирмасы.* 2. Пайда алуу максатында товарларды же тейлөөлөрдү өндүрүү үчүн ресурстарды пайдалануучу, бир же бир нече ишканаларды (ээлик кылуучуларды) башкаруучу жана ээлик кылуучу уюм.

**ФИСКАЛДЫК** *экон. к.* **казыналык.**

**ФИТНЕ** Куйту, арамзаа, адамдардын арасына от салган.

**ФИТНЕС** Ден соолук чындоого багытталган, тамактануу эрежелери менен айкалыштырылган дене көнүгүүлөрүнүн системасы.

**ФИТО...** Татаал сөздүн биринчи бөлүмү. Ал өсүмдүккө тиешелүү экендикти түшүндүрөт.

**ФИТОГЕНЕЗ** Белгилүү бир аймакта өсүп, флоралык курамы жана жансыз чөйрөнүн башка компоненттери менен өз ара татаал байланышта болгон өсүмдүктөрдүн жыйындысы.

**ФИТОДИЗАЙН** Көркөмдүк-эстетикалык элемент катары өсүмдүктөрдү дизайн катары колдонуу.

**ФИТОПРЕПАРАТ** Өсүмдүктөн жасалган дары препараты.

**ФИТОТЕРАПЕВТ** Фитотерапия боюнча адис, врач.

**ФИТОТЕРАПИЯ** Дары өсүмдүктөр менен дарылоо.

**ФИТОЧАЙ** Дары чөптөн демделген чай.

**ФИШКА** Кээ бир оюндарда утуш упайларды эсептөө үчүн оюнчулардын колуна бериле турган тегерек, төрт бурч, кубик формасындагы нерсе.

**ФЛАГМАН** 1. Согуштук эскадранын командачысы. 2. Эскадра командири жайгашкан ири согуштук корабль. 3. *өт.* Башчы, жетектөөчү.

**ФЛАГШТОК** Желек илинүүчү бийик мамы.

**ФЛАКОН** Оозу бекилүүчү кичинекей бөтөлкө. *Доктор иод куюлган флаконду ача баштады* (Сыдыкбеков).

**ФЛАМИНГО** Кытанга окшогон куштун бир түрү.

**ФЛАНГ** Тизилген катардын сол жана оң жагы.

**ФЛЕГМАТИК** Адамдардын мүнөз-табиятын темпераменттик жакта бөлүштүрүү боюнча ички жан дүйнөсүнүн абалы сыртынан караганда билинбеген, сабырдуу, майдачүйдө нерселер менен алек болууну жактырбаган, айткандан кайтпаган, кебелбеген, мүнөзү туруктуу адам.

**ФЛЕЙТА** Тешиктери жана баскычтары бар, түтүк сыяктуу жыгачтан жасалган бийик үндүү үйлөмө музыкалык аспап.

**ФЛЕКСИЯ** *лингв.* Уңгуга мүчө айкашканда уңгунун алгачкы түрү жана составы өзгөрүп, уңгу менен мүчөнүн чеги которулуп кетүү кубулушу.

**ФЛЕКСИЯЛУУ** *линг.* Грамматикалык форма, флексиянын жардамы менен ку-рулуучу.

**ФЛЕКТИВДҮҮ: флективдүү тилдер** Тилдерди типологиялык бөлүштүрүүдө өзүнчө топту түзгөн тилдер.

**ФЛОМАСТЕР** Түстүү боёк сиңирилген волокнодон турган, жазганга, сүрөт тартканга ылайыкталган карандаштын түрү.

**ФЛОРА** Белгилүү бир жердеги, өлкөдөгү, доордогу өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрүнүн жыйындысы, өсүмдүктөр дүйнөсү.

**ФЛОТ** 1. Бүткүл мамлекеттин же айрым деңиздин, ири дарыянын бардык согуш же соода кемелеринин жалпы тобу, ири бирикмеси. 2. *сог.* Согуш-деңиз кемелеринин ири бирикмеси.

**ФЛОТЧУ** *суйл.* Моряк. *Биз, кызыл флотчулар, Мурманск шаарындабыз* (Баялинов).

**ФЛЭШ** *инф.* Вектордук графикке негизделген анимация технологиясы.

**ФЛЮГЕР** 1. Шамалдын багытын көрсөтүүчү мамынын учунда тегеренип турууучу желекче. 2. *өт.* Өз пикирин, ишенимин тез-тез өзгөртүп турууучу киши.

**ФЛЯГА** 1. Суюк нерсени куюп жанга ала жүрүүгө ылайыкталып жасалган чакан идиш. 2. Суюк нерселерди куюп ташуу үчүн колдонулуучу туткасы бар көлөмдүү идиш.

**ФОБИЯ** Кандайдыр бир нерсеге болгон коркунуч, дайыма коркуп турган абал.

**ФОЙЕ** Театрдын, клубдун ж.б. антракт убагында оюн көрүүчүлөр эс алууга ылайыкталган залы. *Клубдун чакан фойесинде, кулактандыруунун жанында, кооз кийинген жаштар* (Абдумомунов).

**ФОКСТРОТ** Эки-экиден болуп бийлей турган бийдин бир түрү жана анын музыкасы.

**ФОКУС** Кыймылдын шамдагайлыгына, тездигине же кандайдыр бир амалдуулукка негизденген ыкма боюнча кандайдыр бир нерсенин көзгө алданма, жалган элесте көрүнүшү. *Чын Дели анын көңүлүн алагды кылгысы келди. Фокусун жасап кирди* (Байтемиров).

**ФОКУСНИК** Фокус көрсөтүүчү артист, көз боочу.

**ФОЛИАНТ** Чоң көлөмдөгү калың китеп.

**ФОЛЬГА** Күзгү жасай турган өндүрүш жайларында, электротехникада ж.б. колдонулуучу жупжука металл.

**ФОЛЬКЛОР** Элдик чыгармачылык, оозеки чыгармалар.

**ФОЛЬКЛОРДУК фольклорго** таандык.

**ФОЛЬКЛОРИСТ** Фольклор боюнча адис.

**ФОЛЬКЛОРИСТИКА** *адаб.* Бул же тигил улуттун элдик оозеки чыгармачылыгын изилдөөгө арналган илим.

**ФОН I** 1. Үстүнө картина тартыла турган негизги түс жана сүрөттүн, картинанын арткы планы. 2. *өт.* Айлана, чөйрө. *Жылдыздуу көпкөк асман фонунда – Ай* (Сартов).

**ФОН II** Телефон трубкасындагы, радиоаппараттагы, репродуктордогу чуулдаган, дырылдаган, тарсылдаган жат тыбыш.

**ФОНАРЬ** Жарык берүүчү жери айнек, слюда ж.б. менен курчалып, жарык кылуу үчүн колдонулуучу прибор, асма чырак. *Көчө фонары. Чөнтөк фонары.*

**ФОНД** 1. Ар кандай максаттар, керектөөлөр үчүн ыйгарылган акча же башка материалдык каражаттар. *Кызмат акы фондусу.* 2. Белгилүү бир нерсенин акча же башка материалдык ресурстардан турган запасы. *Үрөн фондусу. Тоют фондусу.*

**ФОНЕМА** Составдык бөлүктөргө ажырабай турган, сөздөрдүн, морфемалардын маанисин айырмалоочу каражат катары каралган тилдик элемент – тыбыш.

**ФОНЕНДОСКОП** Дарыгерлердин тыңшагыч аппараты.

**ФОНЕТИКА** 1. Тилдин тыбыштык составы. 2. Тил илиминин тилдин тыбыштык составы жөнүндөгү бөлүмү.

**ФОНЕТИКАЛЫК фонетикага** таандык.

**ФОНОГРАММА** Үндөр б.а. ырлар, аспаптык музыкалар жазылган пластинка, үн жазуучу сызма (плеёнка) ж.б.

**ФОНОГРАФ** Ооздон чыккан тыбышты жазып алуучу прибор.

**ФОНОЛОГИЯ** Тил илиминин тыбыштык бирдиктеринин түзүлүшүн жана алардын тилдеги аткарган кызматын изилдеп үйрөтүүчү бөлүгү.

**ФОНТАН** 1. Сууну күчтүү басым менен жогору карай оргутуп, атырылтып туруу үчүн

атайын курулган жай. *Муздак фонтан атылып жыбырап, Салкын бактар жибек желге кыбырап* (Аалы). 2. *өт.* Бир нерсенин көп, мол болуп токтобостон чыгып турган оргуп көрүнүшү, молдук.

**ФОРЕЛЬ** Лосось түркүмүнө кирүүчү кызыл жана кара темгилдери бар анча чоң эмес балык.

**ФОРЗАЦ** *полиграф.* Мукаба менен китептин беттерин бириктирген кош барак.

**ФОРМА** 1. Тышкы көрүнүш, түр, кебете. *Шар формасында жасалган түзүлүш. Квадрат формасындагы аянт. Формасы менен салынган сегиз бөлмөлүү үйү бар* (Жантөшев). 2. Белгилүү бир нерсенин, иштин мазмунуна ылайыкталган, ага шартташылган принцип, тип, түзүлүш, жалпы көрүнүш. *Башкаруунун формалары. Тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн формалары.* 3. Аскер кызматчылары, мекеме кызматчылары, окуучулар ж.б. кийүүчү бардыгына жалпы, бирдиктүү үлгүдө тигилген окшош кийим. *Шахтёрлор формасын кийип, ордендерин тагынган бойдон олтурушат* (Сасыкбаев). *Офицердик форма. Окуучулардын формасы.* 4. *тех.* Калып. *Деталь формаларын жасоочу станоктор катуу түрсүлдөп иштөөдө* (Сасыкбаев). 5. *канц.* Бланканын, ар кандай иш кагаздарынын, толтурула турган документтердин ж.б. белгиленген үлгүсү. *Бюллетендин формасы. Справканын формасы.* 6. *лингв.* Грамматикалык категорияларды жана сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштарын уюштурган тилдик каражаттар. *Этиштин мамиле формалары, Илик жөндөмөсүнүн формасы. Зат атоочтун таандык формалары.* 7. Көркөм чыгарманын мазмунун жаратуунун ыгы катары колдонулган көркөм каражат, ыкмалардын системасы, о.э. чыгарманын жанрдык, тектик түрү. *Форма менен мазмундун биримдиги. Баяндоо формасы.*

**ФОРМАЛДУУ** Кандайдыр бир ишке үстүртөн мамиле кылган, форма жагын окшоштуруу менен чектелген, иштин маңызы, негизги мааниси менен анча байланышы болбогон.

**ФОРМАЛДУУЛУК** Кандайдыр бир ишке үстүртөн, формалдуу мамиле кылгандык.

**ФОРМАЛИЗМ** 1. Иштин мазмунуна, маңызына залал келтирүү менен, анын сырткы түрүн, формасын гана сактагандык, формалдык жагына гана өткөрө көңүл бургандык. *Жетекчилик иштердеги формализмге каршы күрөшүү.* 2. Чыгарманын форма жагына гана өткөрө баа берип, аны чыгармачылыктагы идеялык мазмундан толук түрдө ажыратып караган адабияттагы, искусстводогу, адабият таануу илиминдеги ж.б. идеалисттик багыт.

**ФОРМАЛИН** Дезинфекция үчүн колдонулуучу дарынын бир түрү.

**ФОРМАЛИСТ** 1. Ишке формалдуу мамиле кылган, формализмге (1-маанисинде) берилген адам. 2. Формализмди (2-маанисинде) жактоочу, анын жолун жолдоочу.

**ФОРМАЛЫК** 1. Ырды форма жагынан изилдөө. 2. Көрсөтмө, талапка ылайык, мыйзам боюнча.

**ФОРМАТ** Китептин, кагаздын, карточканын ж.б. бет жагынан (эни, узундугу жагынан) алынган өлчөмү. *Чоң форматтагы китеп. Кичине форматтагы дептер.*

**ФОРМАЦИЯ** Тарыхый жактан белгилүү экономикалык түзүлүш жана ага ылайык саясий жана юридикалык надстройка, ошондой эле коомдук аң-сезимдин формалары менен мүнөздөлүүчү коомдук өнүгүүнүн баскычы.

**ФОРМОВЩИК** Иштелип чыгарылган ар кандай продукцияны, ар кандай нерсени формага салуучу, форматын белгилеп келтирүүчү жумушчу, адис.

**ФОРМУЛА** 1. Математикалык чондуктардын шарттуу белгилер (тамгалар, сандар, атайын алынган башка белгилер) аркылуу көрсөтүлгөн туюнтмасы. 2. Химиялык заттардын составынын, химиялык процесстердин тамгалар жана башка белгилер аркылуу көрсөтүлгөн шарттуу туюнтмасы.

**ФОРМУЛИРОВКА** Так жана кыскача айтылган, жазылган ой, таамай берилген аныктама.

**ФОРПОСТ** 1. Согуштук участокто бекитилген алдыңкы позиция. 2. *өт.* Алдыңкы пункт, алдыңкы баштоочу катар.

**ФОРС-МАЖОР** Токтотууга, алдын алууга мүмкүн болбогон абал.

**ФОРТЕПЬЯНО** Клавишалуу, рояль, пианино өңдүү металл кылдары бар музыкалык аспап.

**ФОРТОЧКА** Терезенин үйдү желдетүүгө ылайыктап жасалган ачылма көзү.

**ФОРТУНА** 1. Байыркы Рим мифологиясындагы кокустук иштердин колдоочу кудайы (анын элесин көзү таңылган. Канаты бар, шар же дөңгөлөкчөнү минип алган абалда сүрөттөшкөн). 2. Кокустан тушуккан бакыт, таалай, капыс пайда, тагдыр.

**ФОРУМ** 1. Байыркы Римде шаардын коомдук чогулуулары өткөрүлүүчү аянт. 2. Өзгөчө мүнөздө, кеңири мааниде болгон чогулуш. *Жаштардын эл аралык форуму. Тил жана адабият институту «Ч. Айтматов жана жаштар» форумун өткөрүштү.*

**ФОСФАТ** 1. *хим.* Техникада, медицинада колдонулуучу жана жер семирткичтин бир бөлүмү болуп колдонулуучу фосфор кислотасынын тузу. 2. Фосфор кислотасы бар минерал.

**ФОСФОР ЖЕР СЕМИРТКИЧИ** Негизги азык болуучу элемент катары фосфорду алып жүрүүчү, бардык жер кыртышында колдонулуучу заттар.

**ФОСФОР** Кээ бир минералдарда, жаныбарлардын сөөктөрүндө тез жалындоочу, караңгыда жарык болуп туруучу касиетке ээ, медицинада, өндүрүштө, айыл чарбасында кеңири пайдаланылуучу химиялык элемент. *Ак фосфор. Кызыл фосфор.*

**ФОТО** Фотография, фотография жолу менен түшүрүлгөн сүрөт.

**ФОТОГРАФ** Фотографиялык жол менен сүрөткө тартып алуучу, фотография менен иришүүчү киши. *Жумагулду фотограф чык эттирип тартып ала койду* (Шимеев).

**ФОТОГРАФИЯ** Атайын оптикалык аппарат аркылуу фото сүрөт тартуу иши жана ушул ишти жүргүзүүгө ылайыкталган жай.

**ФОТОКАРТОЧКА** Фотографиялык сүрөт, карточка.

**ФОТОКӨРГӨЗМӨ** Сүрөттөрдүн көргөзмөлөрү.

**ФОТОМОНТАЖ** *сүр.* Көркөм графикада негизинен плакатта колдонулган, фотоматериалды толуктап, бириктирип турган сүрөт каражаттары жана фотоаппарат менен тартылган сүрөттөрдүн айкалышынан турган графикалык техниканын бир түрү.

**ФОТОРЕПОРТЕР** Газетага басып чыгаруу үчүн сүрөт тартуучу кызматкер.

**ФОТОХРОНИКА** Окуялардын фотографияга тартылган хроникасы.

**ФРАГМЕНТ** 1. Адабий, музыкалык чыгарманын бир үзүндүсү. 2. Байыркы искусство чыгармасынын калдыгы.

**ФРАГМЕНТТҮҮ** **фрагментке** таандык. 2. *өт.* Үзүл-кесил, толук эмес.

**ФРАЗА** 1. Сүйлөм. 2. Белгилүү бир бүтүндүккө ээ музыкалык үзүндү, музыкалык мазмун.

**ФРАЗЕОЛОГИЗМ** *лингв.* Пикир алышууда жеке, айрым сөздөр сыяктуу эле бир бүтүн бирдик катары колдонулуп, белгилүү бир түшүнүктү билдирүү, белгилөө милдетин аткарып, экспрессивдүү, эмоционалдуу касиетке ээ болгон тилдик каражат. *Котур ташы койнунда, биттин ичегисине кан куюу, оозу менен орок оруу.*

**ФРАЗЕОЛОГИЯ** 1. Тилдин фразеологиялык курамынын бүгүнкү абалын жана тарыхый өнүгүшүн изилдөөчү тил илиминин бир тармагы. 2. Ошол тилдин фразеологизмдеринин жыйындысы жана фразеологиялык курамы.

**ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК АЙКАЛЫШ** Фразеологиялык айкалыштын айрым компоненттери эркин мааниде колдонулса, айрым компоненттери фразеологиялык байланыштуу мааниде колдонулат. *Таламандын тал түшүндө, орой көз чарай, кымча бел.*

**ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК БИРИМДИК** Маанисинде анча так эмес, күнүрт болсо да жалпы маанинин курамындагы айрым сөздөрдүн семантикасы менен байланышы бардай сезилген сөз тизмеги. *Ооздугу жок аттай, кабыргасы менен кеңешүү, кулак кагыш кылуу, оозу батпоо.*

**ФРАЗЕОЛОГИЯЛЫК ШИРЕШМЕ** Абсолюттук түрдө бөлүнбөгөн, ажырабаган, мааниси лексикалык курамынын маанисине такыр багынбаган сөз тизмеги. *Колтугуна суу бүркүү, керки балтасы колунда, жумурткадан кыр чыгаруу.*

**ФРАКЦИОНЕР** Белгилүү бир фракциянын мүчөсү, анын катышуучусу.

**ФРАКЦИЯ** *саяс.* Бир партиянын парламенттеги, коомдук уюмдагы мүчөлөрүнүн тобу же партиянын ичинен өзүнчө бөлүнүп чыккан топ.

**ФРАНК** Франция, Бельгия, Швейцария ж.б. сыяктуу мамлекеттердеги акча бирдиги.

**ФРАНТ** Сыланкороз, көйрөң.

**ФРЕЙДИЗМ** Австриялык врач-психиатр Зигмунд Фрейддин (1856–1940) ысмына байланыштуу келип чыккан термин. Фрейддин психологиялык теориясы боюнча адам табиятынын негизги кыймылдаткыч күчү болуп бейаң дүйнөдөгү табигый умтулуулар эсептелет.

**ФРЕНЧ** Аскердик формада тигилген күрмө.

**ФРЕСКА** *сүр.* Дубалдын бетине боёк менен тартылган искусство чыгармасы. *Фресканын сол бурчуна Рафаэль өзү менен бул сүрөттү тартууга кол кабыш кылган сүрөтчү Содолдун элесин чагылдырган* («Философиянын тарыхы»).

**ФРИ** Чий боорсоктой тууралып жана майга куурулуп же духовкада кызыл, кытырак кылып бышырылган картошка.

**ФРИЗ** *сүр.* Имараттын дубалынын ички же сырткы жак бетинин жогорку бөлүгүндөгү горизонталдык тилке кеткен сүрөттүк же орнаменттик композиция, жасалга.

**ФРИКАДЕЛЬКА** Майда тууралган эт, пияз татымалдар, чийки жумуртка кошулуп, куруттай кичинеден томолоктолуп, кайнап жаткан сорподо бышырылган тамак.

**ФРОНТ** 1. Согуш жүрүп жаткан майдан, душманга бет мандайлаш, тылга карама-каршы келген стратегиялык район. *Мыкты уулдар фронтто эркиндик үчүн күрөшкөн кез* (Сыдыкбеков). *Фронттон жалгыз уулу келбей калды, күтүүдөн какжырады дарбазасы* (Султанов). *2.* Мамлекеттик, коомдук иштердин айрым тармагы, сферасы. *Маданий фронт. Идеологиялык фронт.*

**ФРОНТИСПИС** 1. *архит.* Имараттын алдыңкы мандайы, ошол имараттын коздолгону. 2. Китеп графикасында жана полиграфияда титулдук сүрөт менен катар коюлган, китептин эң маанилүү жерлерин элестеткен барак же портрет.

**ФРОНТОВИК** Фронтто, согуш майданында душман менен салгылашкан жоокер.

**ФРОНТОН** Имараттын чатырынын мандайкы бети.

**ФРОНТТУК** Фронтко таандык, фронтто болгон. *Өлбөй фашист кете албас, фронттук эрлер колундан* (Нуркамал).

**ФРУКТОЗА** Жемиш канты, жемиште жана балда болуучу моносахарид.

**ФТИЗИАТРИЯ** Өпкөнүн туберкулёзун жана аны дарылоо ыкмасын изилдөөгө арналган медицинанын бир бөлүмү.

**ФУГАС** Жер астына көмүлүп коюлган жана ошол жерден өтүп бара жаткан убакта жарылып кетүүчү жарылма заттын дүрмөтү.

**ФУЖЕР** Ичкилик куюлуучу чөйчөк.

**ФУЙҮ КЫРГЫЗДАР** *тар.* Манжуриядагы кыргыздар, Кытай Эл Республикасынын Фуйү уездинде жашаган калк.

**ФУНДАМЕНТ** 1. Имарат, курулуштун пайдубалы. 2. *өт.* Негиз, таяныч, түп башат.

**ФУНДАМЕНТАЛДУУ** Негиздүү, бекем, олуттуу.

**ФУНКЦИОНАЛДЫК ГРАММАТИКА** Тилдик түзүлүш каражаттарынын функциясын жана алардын колдонулушун изилдөөчү грамматиканын бир түрү. Грамматиканын бул түрүндө түрдүү деңгээлге тиешелүү, бирок семантикалык функцияларынын жалпылыгынан улам бириктирилген тилдик каражаттарды бир системанын ичинде карайт.

**ФУНКЦИОНАЛДЫК ЛИНГВИСТИКА** Структуралык лингвистиканын бир бутагы катары пайда болгон мектептердин жана багыттардын жыйындысы. Мында тилдин байланыш каражаты катары кызмат кылышы көңүл борборуна алынат.

**ФУНКЦИЯ** 1. Милдет, кызмат, ишмердик. 2. *мат.* Башка бир чондуктун өзгөрүлүшүнө ылайык өзгөрүп турууучу өзгөрүлмөлүү чондук. 3. *биол.* Организмдин тиричилигине байланыштуу дене мүчөлөрүнүн аткарган кызматы, жумушу. *Калкан безинин функциясы. Мындай иштер менин функцияма кирбейт, тиешелүү жакка кайрылыңыз! – деп койду инспектор* («Ала-Тоо»). *Илик жөндөмөсүнүн функциясы.*

**ФУНТ** 1. Кээ бир өлкөлөрдөгү акча бирдиги. 2. 409,5 граммга, аптекардык тараза боюнча 307, 4 граммга тең болгон оордук, өлчөм бирдиги.

**ФУРАЖКА** Көбүнчө күзүндө, жазында кийилүүчү мандайында калканчы бар эркектин баш кийими.

**ФУРГОН** Чүмбөттүү, жабык араба же машина.

**ФУРНИТУРА** Ар кандай кесипчилик иштерде пайдаланылуучу кошумча керектелчү материалдар, мис. тикмечиликте – топчу, сыдырма, өтүкчүлүктө – түрлүү мыктар, коодук үчүн тагылчу темирлер ж.б.

**ФУРШЕТ** Туруп ичип-жеме сый тамак. *Конференциядан кийин фуршет болду.*

**ФУТБОЛ** Эки командадан турган каршы тараптагылар бири-биринин дарбазасына топ тээп киргизүү аракетин жасап, белгилүү эреже менен ойнолуучу спорттук оюн.

**ФУТБОЛИСТ** **футболчу** менен бирдей.

**ФУТБОЛЧУ** Футбол командасында ойноочу адам, футбол оюнчусу. *«Алга» командасынын футболчулары.*

**ФУТЛЯР** Куту, кутуча.

**ФУТУРИЗМ** Искусстводо, адабиятта XX кылымдын башында пайда болуп, реализмди четке кагуучу жана эски искусствонун бардык традициясын, ыкмаларын кыйратып жоготууга умтулган жаңы стилди түзүүгө аракеттенген формалисттик багыт.

**ФУТУРИСТ** Футуризмди жактоочу, футуризмдин өкүлү.

**ФУТУРОЛОГИЯ** Жердин жана бүтүндөй адамзаттын жана коом турмушунун айрым чөйрөлөрүнүн келечектеги өнүгүшүн алдын ала көрө билүүнү максат кылуучу коомдук жана табигый илимдерге негизделген комплекстүү илим.

**ФУФАЙКА** Кебез жүн салып шырылган кыска жылуу сырт кийим. А*л кара фуфайкасын желбегей жамынып жылаң баш турду* (Байтемиров). *Шырылган чолок фуфайкасын кыңай курчанып, сары кайыш мээлейи белине кыстарылган* (Сыдыкбеков).

**ФЮЗЕЛЯЖ** Самолёттун экипаж, жүргүнчүлөр, жүк орун алчу тулкусу, корпусу.

# Х

**ХА: ха-ха** Каткырып күлүүдө колдонулат. *Ха!.. Ха!.. Ха!.. Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун!* (Турусбеков).

**ХАДЖ** Мекеге барып зыярат кылуу.

**ХАДИС** *адаб.* Ислам динине байланыштуу Мухаммед пайгамбар тууралуу оозеки жана жазма түрүндөгү уламыштар, пайгамбарлардын кийинкилерге осуяттары.

**ХАЗАРЛАР** Түрк тилинде сүйлөгөн көчмөн уруулар.

**ХАЗРЕТИ** Улуу даражалуу. *Мейли, хазретинин алдында мен жалгыз жооп берип калайын! – деп чаңырды.* (Касымбеков). *О, хазрети... Бийлик эгеси паша...* (Касымбеков).

**ХАЙ** Мейли, мейлиң. *Күн бүтсө өлүм эч койбойт, Хай көнсөң, хай көнбөсөң. Бутак болбойт жоон жыгач, Бутагын алып жонбосоң* (Терме).

**ХАЙРИЯТ** 1. Жакшы, ийги. 2. *өт.* Болуптур.

**ХАКАС** Россиянын курамындагы Хакас Республикасынын негизги калкы.

**ХАКЕР** *инф.* Компьютер системасын бузуу үчүн уруксатсыз киргендер.

**ХАЛ** 1. *диал.* Аткаруу, чечүү. *Маселени хал кылыш керек.* 2. *диал.* Эки каштын ортосуна, же таноонун эки жагына, беттин отуна, болбосо ээкке курч бычактын учу менен из салып, кийин боёк түшүрүлүп жасалган жасалма мең.

**ХАЛАТ** 1. Көбүнчө азиялык элдердин бүчүлүк же топчулуксуз жасалып, эки өңүрү кымтыланып кийилүүчү сырт кийими. 2. Үйгө же кызмат убагында (өндүрүштө) кийилүүчү жеңил, жука кийим. *Жанында ооруулардын көз айырбай, Ак халат сестралар карап турат* (Шүкүрбеков).

**ХАЛВА** Майдаланган жаңгакка, май чыгуучу айрым өсүмдүктөрдүн уругуна ж.б. ар кандай башка нерселерди кошуп жасаган кондитер азыгы.

**ХАЛИФ** Араб өлкөлөрүндөгү мусулмандардын XIII кылымга чейинки жогорку акими, башкаруучусу жана алардын титулу.

**ХАЛИФАТ** Халиф башкарып турган диний-саясий уюм, мамлекет.

**ХАЛЛАЖ** Пахта тыткыч, пахта тарагыч аспап.

**ХАЛТУРА** Иштин жөнүн билбей жүр-нарыга салуу, эптеп-септөө жана ушундай мамиле менен жасалган иш.

**ХАЛТУРАЛЫК** Жүр нары кыла салган, халтура менен бүтүрүлгөн, сапатсыз.

**ХАЛТУРЩИК** Жүр нарыга сала коюучу, ары-бери бүтүрө коймо, ишти сапатсыз аткарган киши.

**ХАМАМ** *диал.* Мончо. *Базар кызык, көрбөгөндү көрөсүң, Көп нерсеге көңүлүңдү бөлөсүң. Бир топ киши кумар ойноп отурат, Далдоо кылып, хаммамдардын дөлөсүн* (Байзаков).

**ХАМЕЛЕОН** 1. Айлана-чөйрөнүн өңүнө жараша сырткы түсүн өзгөртүп туруучу жылуу өлкөлөрдө жашоочу сойлоп жүрүүчүлөр. 2. *өт.* Абалга жараша ой-пикирин, көз карашын тез өзгөрткөн туруксуз адам. 3. *астр.* Дүйнөнүн түштүк жарым шарындагы топ жылдыз.

**ХАММА** *диал.* Бардык, бүт, бүткүл, баары. *Хамма нерсенин бары бар.*

**ХАМСЕ** *адаб.* Фарсы-түрк поэзиясындагы бири-бирине кандайдыр бир жакын мазмунда жана формада (бирок сюжеттери, каармандары уланбайт) жазылган беш чыгарманын бириккендеги аты.

**ХАН** Кээ бир түрк жана монгол элдеринде бийлөөчү укукка ээ болгон, эл башкарган адам, кан. *Сынга толгон баланы, Хан көтөрүп алалы* («Эр Табылды»). *Биздин жерде эми «бай» деген, «хан» деген болбойт* (Баялинов).

**ХАНДЫК** Хандын бийлик абалы, хандын бийлиги.

**ХАНША** Хандын аялы.

**ХАОС** 1. *миф.* Байыркы гректердин мифологиясында дүйнө жаралганга чейинки туман жана караңгылык баскан чексиз, түпсүз мейкиндик. 2. Баш аламандык, чалмакей, чалды-куйду.

**ХАРИЗМА** *саяс.* Саясий бийликке ээ болуу үчүн негиз болгон инсандын айрыкча касиети.

**ХАРТИЯ** Негизги талаптарын билдирүүчү грамота, саясий документ.

**ХАСАГИ** *диал.* 1. Сырдана, эң жакын, ынак. 2. Гаремдеги байбиче катын. *Өзгөсүнө кайыл болушса да, мурдагы өкүмдардын убагында хасаги болуп (жеңилдик алып) жаман көнүп алган бектер, амалдарлар, казылар* (Касымбеков).

**ХАФИЗ** *адаб.* 1. Фарсы-тажик адабиятындагы элдик чыгармаларды аткаруучулар жана айтуучулар. 2. Көп ырды, обонду жатка билген адам. 3. Куранды баштан аяк жатка билген адам.

**ХАЯТ** 1. Тиричилик, турмуш. 2. *өт.* Көңүл, санаа. *Молдо Кылычтын казелин эшитип, бир аз хаят көңүл көтөрүлүп, бу ааламда нелер бар экени көз алдыбызга келчү эле* (Арабаев).

**ХИЖРА** Мухаммед пайгамбар жана алгачкы мусулмандар Меккеден Мединага көчкөн 622-жылдан тартып мусулманча жыл эсеби, б.а. Хижра жыл эсеби башталат.

**ХИКАЯ икая** менен бирдей. *Төртүнчүсү аялдардын бактылуу же бактысыздыгы жөнүндө «хикая» айтып олтурду* (Жантөшев).

**ХИКМЕТ** 1. Акылмандык, билим, сырдуу. 2. Кожо Ахмед Ясевийдин чыгармасынын аты. *Акындын «Хикмети» кыргыз арасына тараган. Билбейди фан илимди бары наадан, Фалсафа хикметлерден кабары жок. Аз билген мукаддама бахеслерден* (Тагай, 1916-ж.).

**ХИМИЗАЦИЯ** Химиянын жетишкендиктерин жана методдорун эл чарбачылыгынын бардык тармактарына – өнөр жайларга жана айыл чарбага кеңири колдонуу.

**ХИМИК** Химия жагынан адис жана химиялык өндүрүш жайынын кызматкери.

**ХИМИКАТ** Химиялык жолдор менен даярдалып, ар кандай максаттарга керектелүүчү заттар.

**ХИМИЯ** Заттардын ички составын, материянын ички түзүлүштөрүн, заттардын сапаттык өзгөрүштөрүн, ошол аркылуу жаңы заттардын келип чыгуу, пайда болуу закондуулугун ж.б. касиеттерди изилдөөчү илим. *Органикалык химия. Органикалык эмес химия. Химия окуу китеби.*

**ХИМИЯЛАШТЫР** Химиянын жетишкендиктерин эл чарбачылыгынын бардык тармактарына кеңири түрдө киргизүү.

**ХИМИЯЛАШТЫРУУ химиялаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ХИМИЯЛЫК химияга** таандык. *Химиялык булалар. Химиялык элементтер. Заттардын химиялык курамы.*

**ХИМИЯЛЫК ФИЗИКА** Химия менен жалпылыгы бар физиканын тармагы менен химиянын ортосунда пайда болгон илим.

**ХИМИЯЛЫК ФОРМУЛАЛАР** Заттардын курамын химиялык белгилердин жардамы менен туюнтуу.

**ХИНИН** Хина жыгачынын кабыгынан жасалып, дары катары колдонулуучу даамы ачуу ак опоң (порошок).

**ХИРОМАНТИЯ** Алакандын сызыктарына, бырыштарына карап бал ачып, өмүр таржымалын окуй билүү.

**ХИРУРГ** Хирургия жаатындагы адис, врач.

**ХИРУРГИЯ** Ооруларды операциялоо менен айыктыруу ишин жүргүзүүчү медициналык бөлүм.

**ХИРУРГИЯЛЫК хирургияга** таандык.

**ХИТ** Белгилүү бир мезгил аралыгында абдан популярдуу болгон музыкалык чыгарма.

**ХИТ-ПАРАД** Популярдуу чыгармалар үчүн окурман, көрүүчүлөр тандап алган жана сыйлаган аткаруучулардын тизмеси.

**ХЛОР** Санитарияда дезинфекциялоочу дары катары, согушта ууландыруучу зат катары колдонулуучу химиялык элемент, тумчуктургуч газ.

**ХЛОРОФИЛЛ** Өсүмдүктүн жалбырагына жана башка органдарына жашыл түс бере турган жана өсүмдүктүн көмүртекти өзүнө сиңирип алышына жардам бере турган зат.

**ХЛОРОФОРМ** Медицинада жалпы наркоз кылуу үчүн колдонулуучу хлордуу, түссүз суюктук.

**ХЛОРОФОС** *вет.* Муунак буттуу мителерди кыруу үчүн колдонулуучу химиялык зат.

**ХНА** 1. Сары, кызыл боёк алынуучу өсүмдүк. 2. Ушундай өңдөгү боёк.

**ХОББИ** Өзү үчүн сүйүктүү иш, ага кызыгуу.

**ХОБОТ** Пилдин тумшугу, үстүнкү эрин алдына биригип кеткен жана түбү кемирчекке таянып турган, өтө узарган булчуңдуу мурун.

**ХОЗРАСЧЁТ** *тар.* Социалисттик ишкананын, өндүрүштүн чарбачылыгын мамлекеттик бюджеттин каражаттарына таянбастан, өз чыгымын пландуу түрдө өзү көтөрө алуусуна негиздеп жүргүзүү методу.

**ХОККЕИСТ** Хоккейде ойноочу спортсмен, хоккей оюнчусу.

**ХОККЕЙ** Муз үстүндө коньки тээп жүрүп, иймек баштуу таякча менен кичинекей топту же шайбаны кубалап чаап ойной турган спорттук оюн.

**ХОККУ** *адаб.* Япон поэзиясындагы үч саптуу, уйкашпаган, чакан лирикалык ыр. *Бутактан бутакка Акырын жүгүрөт тамчылар... Жазгы жамгыр* (Басё, котор. Рыскулов).

**ХОЛАНГИТ** *мед.* Өт түтүгүнүн сезгенчи.

**ХОЛДИНГ** *экон.* Көзөмөлдүк кылууну орнотуу максаттарында ар кандай компаниялардын акцияларынын көзөмөлдүк пакеттерин алуудан турган ишкердиктин ишаракеттеринин бир түрү.

**ХОЛЕРА** Ич органдарынын ишин бузуп кустуруучу, ич өткөрүүчү жугуштуу, эң коркунучтуу оору.

**ХОЛЕРИК** Темпераменттерди классификациялоо боюнча өтө шат, эпкиндүү, өтө кызуу кандуу, ишке, ар кандай эмоцияга тез берилген, мүнөзү тез-тез алмашып туруучу, чапчаң адам.

**ХОЛЕСТЕРИН** Жаныбарлардын организминде болуучу зат. Жаныбарлардын майлуу этин тамак катары көп пайдаланганда адамдын организминде холестериндин тутуму көбөйүп, ден-соолугунун бузулушуна өбөлгө түзөт.

**ХОЛЕЦИСТИТ** Өттүн сезгениши.

**ХОЛЛ** 1. Коомдук имараттагы эс алууга жана күтүү үчүн ылайыкталган кенен жай. 2. Чоң үйдүн кире беришиндеги кең бөлмөсү.

**ХОЛСТ** *сүр.* 1. Жетишээрлик бекем кездемеден, көбүнчө алдын ала боёлгон полотно негиз. 2. Ушундай кездемеде тартылган картина.

**ХОР** Кандайдыр бир вокалдык чыгарманы бир мезгилде аткаруучу ырчылар коллективи жана ушундай коллектив аркылуу аткарылуучу вокалдык чыгарма (ыр).

**ХОРДА** Айлананын, тегеректин эки точкасын туташтыруучу түз сызык.

**ХОРЕОГРАФИЯ** Бийлерди, балеттик спектаклдерди коюунун, анын композициясынын искусствосу.

**ХОРМЕЙСТЕР** Хорго жетекчилик, дирижёрлук кылган адам.

**ХРАМ** 1. Кудайга сыйынууга, диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө арналган имарат, чиркөө. 2. *өт.* Кандайдыр бир белгилери, себептери боюнча касиеттүү, салтанаттуу болуп эсептелген жай (жогорку окуу жайы, илимий мекеме).

**ХРЕН** 1. Тамыры тамак-ашка салына турган кайчылаш гүлдүү чөп өсүмдүгү. 2. Ошол өсүмдүктүн ачуу тамыры жана андан тамак-ашка салуу үчүн жасалган татымал.

**ХРЕСТОМАТИЯ** Тандалган чыгармалардан же алардын үзүндүлөрүнөн түзүлгөн жыйнактуу окуу куралы.

**ХРИЗАНТЕМА** Гүлдүү өсүмдүктүн бир түрү.

**ХРИСТИАН** Мифтик Ыйса пайгамбардын, Иисус Христостун атына сыйынууга негизделген дин.

**ХРИСТИАНДАР** Христиан дининдеги адамдар.

**ХРИСТИАНДЫК** **христианга** таандык.

**ХРОМ I** Күмүш түстүү жылтырак катуу металл, химиялык элемент.

**ХРОМ II** Хром металлынын туздары менен ийленген жука, жумшак булгаары. *Хром өтүк.*

**ХРОМОСОМАЛАР** Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн клеткасынын ядросундагы тукум куучулукту алып жүрүүчү туруктуу курамдык бөлүк.

**ХРОНИКА** 1. *тар.* Окуяларды хронологиялык ирет боюнча жазуу, жылнаама. 2. *адаб.* Коомдук, үй-бүлөлүк окуялардын тарыхы жазылган адабий чыгарма. 3. Газетанын, журналдын күндөлүк турмуш окуялары жөнүндөгү бөлүмү жана ушундай окуяларды көрсөткөн фильм.

**ХРОНИКАЧЫ** Күндөлүк жергиликтүү турмуштан, газета хроникасы үчүн материалдар жыйноочу киши.

**ХРОНОЛОГИЯ** Окуялардын убакыт, мезгил тартиби боюнча берилген ирети.

**ХРОНОЛОГИЯЛЫК** **хронологияга** таандык.

**ХРОНОМЕТРАЖ** *а.ч.* Иштин цикл боюнча кайталануучу элементтерин байкоо жана өлчөө аркылуу берилген ишти түздөн-түз аткарууга кеткен жумуш убактысын аныктоо ыкмасы.

**ХРОНОСКОП** Адамдын психикалык процесстеринин, туюу-сезүү, кабыл алуу ж.б. өлчөй турган психологиялык аспап.

**ХРОНОТОП** *адаб.* Көркөм мезгил жана көркөм мейкиндик; көркөм чыгарманын мезгилдик жана мейкиндик жактан уюштурулушу, куралышы.

**ХРУСТАЛЬ** 1. Жарыкты көбүрөөк сындырып чагылдырууга жөндөмдүү келген, өзгөчө жаркырап көрүнгөн жогорку сапаттагы айнек. 2. Ошол айнектен жасалган буюм.

**ХУДОЖНИК** Сүрөттөө искусствосунун (живопись, графика, скульптура) тармагында иштеген, искусствонун ушул түрү боюнча чыгармаларды жараткан киши. *Республикада кыргыз художниктеринин катарлары өсту. Художниктердин чыгармаларындагы орундун көбүн пейзаждык сүрөттөр ээлейт* («Ала-Тоо»). *Жакшы художник – элдин сыймыгы* (Каимов).

**ХУЛИГАН** Коомдук тартипти бузган, хулигандык кылган адам.

**ХУЛИГАНДЫК** Коомдук тартиптин эрежелерин, жалпыга алгылыктуу болгон жүрүш-туруш нормаларын бузгандык, адамгерчилик сапатты сыйлабагандык.

**ХУНИК** *диал.* **куник** менен бирдей. *Кыштак калкы «калпычы» деп жаманатты кылган хуник адам жанын жеген жалганчы деле эмес экен* (Жигитов).

**ХУННДАР** Сүннү, гунндар б.з.ч. 1-миң жылдыктын башында Борбордук Азиядагы байыркы көчмөн калктар.

**ХУНТА** 1. Кээ бир Латын Американын өлкөлөрүндө мамлекеттик төңкөрүлүштөн кийин келген бийлик, согуштук-реакциячыл өкмөт. 2. Көп өлкөлөрдө аскердик топтордун кеңири таркалган наамы.

**ХУРАЛ** Монгол Эл Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарынын наамы.

**ХУРМА** **курма** менен бирдей.

**ХУРИЯТ** Эркиндик. *Эркин заман хурият, Чаптың жолдун кененин* (Чоробаев).

**ХУТОР** 1. Ээлеген кожоюндун короожайы, бак-дарагы менен кошо башкалардан обочолонуп, өзүнчө бөлөк турган жер бөлүгү. 2. Украинада, Дондо жана Кубанда дыйкандар турган кичирээк кыштак.

**ХЫНЗЫР** Чочко.

# Ц

**ЦЕДРА** Апельсин, лимондун кабыгынын эң сырткы, үстүнкү катмары, о.э. ушуну кургатып, майдалап даярдалган татымал.

**ЦЕЗУРА** 1. Ыр сабынын ичиндеги ыргактык тыным. Түрдүү масштабдагы музыкалык түзүлүш бирдигинин синтаксистик чеги.

**ЦЕЙЛОН ЧАЙЫ** Илгери падыша заманында кыргыз арасына кеңири таралган мамили чайдын бир сорту. *Бул чай Цейлондон келген.*

**ЦЕЙТНОТ** Шахмат оюнундагы жүрүштү ойлоого убакыттын жетпей калышы.

**ЦЕЛЛОФАН** Целлюлозадан иштелип чыккан суу өткөрбөс, тунук түстөгү жука материал.

**ЦЕЛЛУЛОИД** Целлюлозадан чыгарылуучу катуу пластик зат.

**ЦЕЛЛЮЛИТ** *мед.* Тери алдында пайда болгон, топтолгон май бүртүкчөлөрү.

**ЦЕЛЛЮЛОЗА** Кагаз, жасалма жибек, киноплёнка, жарылма заттар ж. б. даярдоо үчүн кээ бир өсүмдүктөрдүн сабагынан, жыгачтын сөңгөгүнөн химиялык жол менен иштетилип алынган зат.

**ЦЕМЕНТ** Суу менен аралаштырганда жабышып, тез ката турган массага айлануучу жана курулуш ишинде колдонулуучу порошок сыяктуу минералдык зат.

**ЦЕМЕНТТЕ** Цемент куюу, бекитүү.

**ЦЕМЕНТТЕЛ** **цементте** этишинин туюк мамилеси.

**ЦЕМЕНТТЕТ** **цементте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЦЕМЕНТТӨӨ** **цементте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЦЕНЗ** 1. Кандайдыр бир саясий укукту, көбүнчө шайлоо укугун чектөө шарты. 2. Кандайдыр бир ишкананы тигил же бул тизмеге реестрге киргизүү үчүн керек болгон шарт.

**ЦЕНЗОР** Цензуралоочу кызматкер.

**ЦЕНЗУРА** 1. Массалык маалымат каражаттарына басылып чыгуучу, сахнага коюлуучу ж.б. чыгармалардын мазмунуна мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөл жүргүзүп туруу. 2. Ушундай кароолорду жүргүзүп туруучу мекеме.

**ЦЕНОЗ** Бир жерди жердеген ар кандай организмдердин жыйындысы.

**ЦЕНТ** Айрым бир чет өлкө акча бирдигиндеги майда моneталар, чака тыйындар.

**ЦЕНТНЕР** Жүз килограммга барабар оордук өлчөмү.

**ЦЕНТР** 1. *мат.* Борбор, орто. 2. Орчундуу жер. 3. *өт.* Түп, борбор.

**ЦЕНТРАЛИЗМ** Жергиликтүү мекемелердин (органдардын) жогорку органдарга баш ийүү принцибине негизделген башкаруу системасы. Мында бүткүл система бир борбордон башкарат. *Демократиялык централизм.*

**ЦЕРЕМОНИЯ** Алдын ала белгилеп коюлган планга ылайык, белгилүү бир эрежеге же традицияларга ылайык өткөрүлө турган официалдуу салтанаттуу акт.

**ЦЕССИЯ** *экон.* Милдеттенмедеги талаптарды башка инсанга берүү. Өзүнүн укуктарын кимдир бирөөгө, бир нерсеге алмашуу.

**ЦЕХ** 1. Өнөр жай ишканаларында өндүрүштүн белгилүү бир продукциясын иштеп чыгаруучу тармак. 2. Ошондой тармактар, бөлүктөр орношкон жай. *Сагынбек адегенде фабриканын бычуу цехинде мастер болуп иштеди* (Сасыкбаев). *Мебель цехинде жаңы конвеердик линия монтаждалып ишке киргизилген.*

**ЦЕХТИК** Цехке тиешелүү, цехке таандык. *Цехтик комитет. Цехтик чогулуш.*

**ЦИВИЛИЗАЦИЯ** 1. Коомдук өнүгүштүн жана материалдык маданияттын белгилүү бир коомдук-саясий формацияга мүнөздүү болгон өсүш деңгээли. 2. Дүйнөлүк маданияттын эң соңку заманбап деңгээли.

**ЦИКЛ** 1. Белгилүү бир убакыт ичинде кайталанып туруучу кубулуштардын, процесстердин жыйындысы. *Өндүрүштүк цикл. Жалбырактардын өнүгүш цикли.* 2. Бир-бири менен байланыштуу болгон процесстердин, көрүнүштөрдүн, аракеттердин ырааттуу тартипке келтирилген жыйындысы. *Тарых жөнүндө окулуучу лекциялар цикли.* 3. Илимдердин, дисциплиналардын кандайдыр бир жалпы принцип боюнча бириктирилген тобу. *Тарыхый илимдердин цикли.*

**ЦИКЛОН** 1. *метеор.* Атмосферанын катуу куюндуу, кара нөшөрлүү, алай-дүлөй түшкөн кыймылы. 2. Бороон-чапкын.

**ЦИКЛОП** 1. Грек мифологиясында айтылуучу маңдайында жалгыз көзү бар дөө, алп. 2. Сууда жашаган, муунак денелүү жырткыч майда жаныбар.

**ЦИЛИНДР** Тик бурчтук өзүнүн бир тарабынын тегерегинде айлануудан пайда болгон геометриялык тело.

**ЦИНГА** Тамакта витаминдердин жетишсиздигинен пайда болуп, тиштин эттерин көптүрүп, канатып, тиштерди бошотуп жиберүүчү оору.

**ЦИНИЗМ** Жалпы кабылданган жүрүм-турум эрежелерин бетпактык уятсыздык менен теңине албагандык, уят-сыйытты билбегендик, ээн оздук.

**ЦИНИК** Уятсыз, орой, ээн ооз адам.

**ЦИНК** Көгүш ак түстөгү тез иштетиле турган металл, химиялык элемент.

**ЦИРК** 1. Театр искусствосунун акробаттар, гимнасттар, клоундар, үйрөтүлгөн айбандар ж.б. катышуусу менен оюн көрсөтүүчү түрү. 2. Искусствонун ушул түрү боюнча иш алып баруучу мекеме жана анын ушундай оюндарды көрсөтө турган жайы, имараты.

**ЦИРКАЧ** Циркtин артисти.

**ЦИРКОН** Минерал, кызыл, күрөң түстөгү асыл таш.

**ЦИРКУЛЬ** Тегерек чийүү же сызыктын узундугун ченөө үчүн колдонулуучу, баш жактары бириктирилген жана кеңитүү, кушуруу үчүн жылдырып турууга ылайыкталган эки буту бар курал.

**ЦИРКУЛЯР** Бир нече мекеме же кишиге жиберилген буйрук.

**ЦИРКУЛЯЦИЯ** Айлануу, айланып жылуу, тегеренип жүгүрүү. *Кандын циркуляциясы. Жылуулук циркуляциясы.*

**ЦИРРОЗ** Кайсы бер дене бөлүгүнүн чоңоюп, жоонолюп кетүүсүнөн улам ошол бөлүктүн кызматынын бузулуусу. *Боордун циррозу.*

**ЦИСТЕРНА** 1. Суу, нефть, керосин, бензин өндүү суюктуктар сакталуучу чоң металл идиш. 2. Ушундай суюктуктарды ташууга ылайыкталган автомобиль, вагон.

**ЦИТАДЕЛЬ** 1. Шаар ичиндеги чеп, сепил. 2. *өт.* Таяныч, коргон.

**ЦИТАТА** Кандайдыр бир тексттен өзгөрүүсүз пайдаланылган үзүндү.

**ЦИТОЛОГ** Цитология боюнча адис.

**ЦИТОЛОГИЯ** Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн клеткаларынын түзүлүшүн жана жашашын текшерүүчү илим.

**ЦИТРУС** Апельсин, грейпфрут, лимон, мандарин ж.б. сыяктуу, мөмөсүнүн кабыгында эфир майы бар, дайыма көгөрүп туруучу өсүмдүктөр түркүмү.

**ЦИФЕРБЛАТ** Сааттын же стрелкасы бар башка ченөөчү прибордун бетинде цифралар, жазуулар жана башка белгилер коюлган пластинка түрүндөгү деталы.

**ЦИФРА** Санды туюндуруу үчүн колдонулган белги. *Араб цифрасы. Рим цифрасы.*

**ЦОКОЛЬ** 1. Имараттын сырткы дубалынын, жоон колонналардын жерпайдын үстүнөн калындатып түптөлгөн төмөн жагы. 2. Лампочканын патронго буралып киргизилүүчү темирлүү бөлүгү. 3. Үйдүн эң төмөнкү (биринчиден да төмөн, кыртыш деңгээлинен жарым-жартылай төмөн) кабаты.

**ЦУКАТ** Шекерлүү, катырылган жемиш.

**ЦУНАМИ** Океандын терендеги термелүүсүнөн келип чыгуучу эң күчтүү, зор толкундар.

# Ч

**ЧААЙ** 1. Терең зындан. 2. Кээде зындандын түбү маанисинде да колдонулат. *Кырк кулач темир зындандын, Чаай түбүнө салганы* («Манас» С.О.).

**ЧААЛЫ** Талыгуу, кубаты кетип алсыроо, алсыздануу. *Талыкпас элем – талыдым, Арстан элем – наалыдым, Чабышып жүрүп чаалыдым* («Сейтек»). *Күүсүнөн кетип кер күлүк, Көтөрүм болду, чаалыды* (Осмонкул).

**ЧААЛЫГУУ чаалык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧААЛЫК** Чарчоо, көпкө иштөөдөн, узак жүрүүдөн ж.б. талыкшуу. *Канчалык иштеп жатса да, Чаалыкканы билинбейт* (Осмонкул). *Чаалыккан аттардын соорусунан көк буу көтөрүлөт* (Сыдыкбеков). *Чаңкап кетсең, суусун бар, Чаалыксаң минер тулпар бар* («Калмырза»).

**ЧААЛЫКПАС** Чарчабас.

**ЧААЛЫКТЫР чаалык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧААЛЫТ чаалы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧААМАЙ** Бир аз майы бар, анча семиз эмес мал.

**ЧААР** 1. Бир беткей темгил ала түс, жол-жол же чыбыр кара бирдей дээрлик аралаша келген түс. *Жолборстой чаар ат менен, Жоодон качпас эр немең* («Эр Табылды»). 2. Чечек оорусунан калган так, майда быдыр ала (адамга карата). *Бетинде чаары бар кызыл жигит* (Жантөшев). *Уруянын бетинде бир аз чаары бар* (Баялинов).

**ЧААРАЛЕКЕЙ** Ар түрдүү түстөр аралашып, чаар ала болгон, ала-була чаары бар. *Өңү өтө эле чааралекей экен.*

**ЧААР БАШ** Далайды башынан өткөрүп дасыккан, көптү көргөн, кексе, кыйды. *Кыялы чатак, чыр адам. Бирок булардын ичинен өз жаңылыштыгын таза мойнуна албаган чаар баштар азыр да тоголок арызды токтотуша элек.*

**ЧААР ИЧЕГИ** Кыйды, митаам, арамзалыгын ичине каткан, оңой менен ачылбаган. *Чаар ичегисиң го? – деп баланы тамашалап койду.* **В.: Чаар курсак.**

**ЧААРДА** Чаар кылуу, чаар түргө келтирүү, чаар түс берүү. *Бетин чаардап койгон тактай.*

**ЧААРДАГЫЧ** 1. Жулук жасоодо колдонулуучу өтүкчүнүн куралы. 2. Бир нерсенин бетине оюу-чийүү же башка коодук түшүрүү үчүн колдонулуучу курал, шайман.

**ЧААРДАТ чаарда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧААРЧЫК** Эликтин баласы. *Абаз төмөн караса, кичинекей коктунун теске багытында чаарчыгы менен бир элик оттоп жүрөт* (Таштемиров).

**ЧААРЫ ЧЫГУУ** Ачуусу келүү, каардануу. *Муну угуп Манастын, Каары чыгып бетине, Чаары чыгып көзүнө* («Манас»). *Жолуң болсун! – деген жалгыз сөз менен, Чал жөнөдү чаары чыккан көз менен* (Артыкбаев).

**ЧАБААГАН чабаган** менен бирдей.

**ЧАБАГАН** *тар.* Кабар берүүгө жиберилген адам, чабарман. *Атантай жан таслим болор менен эле туш-тушка чабаган кетти* (Сыдыкбеков).

**ЧАБАГАНДА** Кандайдыр бир кабар менен же башка жумуштар менен шашылып чапкылоо, тез, шашылыңкы аракетте болуу.

**ЧАБАГАНДАТ чабаганда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБАГАНДОО чабаганда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБАГАНЧЫ чабаган** менен бирдей.

**ЧАБАДАН чемодан** менен бирдей.

**ЧАБАК I** Майда балык. *Ойнобосо жаш чабак, Көлдүн көркү болобу?* (Бөкөнбаев). *Чабагы четте суурулуп, Балыгы тайдай туйлаган* (Тоголок Молдо).

**ЧАБАК II** 1. Арабанын дөңгөлөгүнүн күпчөгү менен алкагын бириктирип туруучу таякчалар. 2. Устундардын үстүнөн салынуучу туура жыгач. *Суусамырга эки бөлмөлүү бир үй тургузуу үчүн, эң жок дегенде эки устун керек, чабактарын болсо эптеп жеткиребиз* (Байтемиров). 3. Жүн сабоо үчүн колдонулуучу сабоодон ичкерээк таякча.

**ЧАБАК УРУУ** Колу-буттун аракети менен сууда сүзүү, суу үстүндө калкып жылып жүрүү. *Орош өзү дагы чабак уруп чыгып келди. Күмүш канат балыктай, Көлгө чабак уралы* (Үмөталиев).

**ЧАБАКТА** Сабалган жүндү чийге, ж.б. салып тегиздөө, калыңдыгы бирдей болуу үчүн сабоо менен акырын ургулоо. *Он бештей зайып чийге салып, жүн чабакташып, кечке кийиз басышты.*

**ЧАБАКТАТ чабакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБАКТОО чабакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБАКТУУ I** Майда балыгы көп, чабакка мол. *Чабактуу көл.*

**ЧАБАКТУУ II** Чабак салынган, чабактары жыш тизилген. *Жыгач чабактуу тамдын төбөсүн көздөй Бугимов оозундагы түтүндү үйлөөдө* (Сыдыкбеков).

**ЧАБАЛ** Алсыз, күчсүз, начар. *Чабал десем Табылды, Баатыр болгон турбайбы («Эр* Табылды»). *Бергенин алган – жамандын иши, ичкенин кускан – чабалдын иши* (макал). *Чабал өрдөк эрте учат* (макал).

**ЧАБАЛАЙ** *аңч.* Эликтин чаары түшкөн баласы.

**ЧАБАЛАКТА** Алдастоо, тынчы кетүү, көбүнчө чекеси ысып чыдай албай тынчсыздануу. *Таң атарда Кенженин эти оттой ысып, чабалактады.*

**ЧАБАЛАКТАТ чабалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБАЛАКТОО чабалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБАЛДЫК** 1. Алсыздык, күчсүздүк, начарлык. *Жылдызкан өткөн жылы пахта терүүдө жаштык, чабалдык кылган* (Байтемиров). 2. Оокат тиричилик, мал-мүлк ж.б. жагынан болгон жармачтык, кедейлик. *Колунда дүйнө жок болсо – чабалдыктын белгиси. Чогулган топко барбаган – жамандыктын белгиси.*

**ЧАБАЛЕКЕЙ** Учтуу ичке ача канаты бар, ылдам учууучу кичинекей келгин куш. *Чабалекей ир алды, Уя салат дубалга, Балапаным учса дейт, Жем болбостон жыланга* (Үмөталиев). *Чабалакей менен шилекей алышып достош* (макал). *Арсендин табияты ушундай эмеспи, жанагыл чабалекейлерди кайра эстеп, дил-оюна тынчтык бербеген дагы бир ич бышыра муңайткан иш бар эле* (Айтматов).

**ЧАБАЛЕКЕЙДЕЙ КАТТОО** Тез-тез, тынымсыз келип кетүү, бат-бат каттоо. *Андан кам санаба. Биздин айылга машина деген чабалекейдей каттайт, – деп менин көңүлүмдү жубатып койду.*

**ЧАБАН** Советтик чарбада белгилүү бир сандагы койлор бекитилип берилип, алардын багылышына, төлдөшүнө ж.б. жооп берүүчү киши, койчу. *Жаш чабан Дадыбаев* 350 *койдон* 400 *дөн ашык козу алып, аман сактап... калды. Кой кайтарган чабандар, Коротпой койду багалы, Бакты, сыймык болот да, Малыбыздын аманы* (Осмонкул).

**ЧАБАНДЕС** 1. Атка мыкты жүрө билген адам. 2. Көк бөрү оюнун чебер ойной алган адам. *Мергендер жамбы атышып, Чабандес улак тартышып* («Манас»). *Чабандестер чогулса, улактын чери жазылат* (макал). 3. *өт.* Чыйрак, бышык. *Атка үйрөнгөн чабандес* («Манас» С.О.).

**ЧАБАНДЕСТИК** Улак тартууга, атка жүрүүгө машыккандык. – *Эй, Жумаке ай. Менин атка чабандестигимди билбейсиңби* (Жантөшев).

**ЧАБАР** Чабарман, кабар жеткирүүчү. *Бүгүнкү барган чабардан. Дайындуу кабар салыңыз* (Токомбаев). *Жүрүп калды ээрчип барган чабарын* (Токомбаев).

**ЧАБАРМАН** 1. Кабар берүүчү, кабар жеткирүүчү адам. *Жакшы ат минген чабарман ал жерге бир жарым саатта барып келиши мүмкүн* (Абдукаримов). *Чабармандан кеп угуп, Алмамбет келди деп угуп* («Манас»). 2. Ат чабуучу, атка тың жүрүүчү. *Ат чабарман балдарың артынан түшүп чубасын* (Жантөшев).

**ЧАБАРМАНДА** Чапкылоо, ары-бери чаап, тынбай ат үстүндө жүрүү. *Күнүгө районду көздөй чабармандап жөнөп калып жүрдү.*

**ЧАБАРМАНДАТ чабарманда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБАРМАНДОО чабарманда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБАТЫ** Жуурулган камырдан жасалган жука калама, жупка.

**ЧАБДАР** Жал-куйругу агыш келген жээрде (жылкыга карата). *Оюн салып бойтоңдоп, Оюнкарак чабдар тай* (Үмөталиев).

**ЧАБЕК** Арык, арыкчырай, алсыз. *Катуу серпти эле, чабек денеси бир чалкалап алып, анан эки метрче арыга буктөлө жыгылды* (Мавлянов).

**ЧАБУУ I чап IV** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБУУ II** 1. Жука чурайга жакын каптал бөлүк. Адамдын жана жаныбарлардын каптал жагы. *Эшме артынан жетип, чабуусун жара тартып, ичек-кардын эшип салат.* 2. Кийимдин учасы менен өңүрүнүн ортосуна келүүчү кийринди, өңүр менен учанын кошулган жери. *Сур шинелдин чабуулары дирилдеп, Гранатты шилтегенин билдирет* (Токомбаев).

**ЧАБУУЛ** 1. Душманды талкалоо, артка сүрүү максатында аскерлердин алга карай жигердүү качырып кириши. *Чабуул күн чыкканда башталды* (Баялинов). 2. *өт.* Чечкиндүү аракет. *Үсту-баштары боз ала чаң кишилер эмгектин чоң чабуулун баштоочудай* (Сасыкбаев).

**ЧАБУУЛДА** Шашкаландап катуу жүрүү, бет алды чапкылап катуу жүрүү. *Мал айдап балдар, абышка, Туш-тушунан чабуулдап* (Маликов).

**ЧАБУУЛДАТ чабуулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБУУЛДОО чабуулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБУУЛЧУ** Кол салуучу.

**ЧАБЫ** *диал.* Айып. *Чабыга карма.*

**ЧАБЫК** 1. Эгин, чөп ж.б. чабуу мезгили, убагы. *Мына жаңы орук, чабык, Жыйнаш иши башталды* (Токомбаев). *Чөп чабык жаңы башталганда, фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабар угулат* (Айтматов). 2. Чөбү чабыла турган жер, чабынды. 3. Өсүмдүктүн арасындагы отоо чөптөрдү чаап, түбүн жумшартуу иши. *Жүгөрүнүн биринчи чабыгы. Эки чабыктан өткөн картөшкө.*

**ЧАБЫЛ** 1. **чап** этишинин туюк мамиле-

си. *Көрүнүшү айылдын такыр калгансыйт чабылып* (Жантөшев). *Тамырына балта чабылды.* 2. Бүлүнүү, түгөнүү, жок болуу. *Бай мактанса табылат, жок мактанса чабылат* (макал).

**ЧАБЫЛУУ** 1. *аңч.* Капкандын серпөөрлөрү аң басканда, түшкөндө, бири-бирине кептелип калган учур. 2. **чабыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБЫНДЫ** Чөбү чабыла турган жер, чабык. – *Чабынды менен жоолукчасын булгалап бара жаткан Жамийланы көрүп, менин да көңүлүм ачылды* (Айтматов).

**ЧАБЫР** Кибиреген, арык-торук, начар. *Чабыр козу. Жанагы чабырлардын бири өйдөлөнүп калбасын* (Жантөшев).

**ЧАБЫРА** Чырпыктан токулган чоң себет.

**ЧАБЫТ** Жем, азык издеп чыгуучулук. *Ийри тумшук куштардын чабыт мезгили башталды* (Токомбаев). *Кексе карышкыр күндүз уктап, уйкусун кандырып алып, чабытка түндө чыкчу болду* (Каимов).

**ЧАБЫТТА** 1. Жем, азык издеп жөнөө, чабытка чыгуу. *Чабыттап учар шумкар бар, Акылы артык кары бар* («Калмырза»). *Аскадагы бүркүттөр, Чабыттады зыркырап* (Токомбаев). *Чабыттап жем издеген ак барчындар* (Осмонов). 2. *өт.* Көз жүгүртүү, байкоо. *Мергенчи мылтыгын алдына бош өңөргөн калыбында эки жак бийиктерге чабыттай келе жатты* (Сыдыкбеков).

**ЧАБЫТТАТ** **чабытта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАБЫТТОО** **чабытта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБЫТТУУ** Чабыты (чабыла турган жери) көп, мол. *Чабыттуу жер.*

**ЧАБЫШ I** Союл, камчы ж.б. менен салгылашкан уруш, кармаш. *Уурулар менен Каныбектин ортосундагы чабыш узакка созулду* (Жантөшев). *Чабышта жоо аяган өзү жаралуу* (макал).

**ЧАБЫШ II** Ат жарышы. *Кара аламан чабышта кайсы экени билинбейт* (Тоголок Молдо).

**ЧАБЫШ III** **чап IV** этишинин кош мамилеси.

**ЧАБЫШТЫР** Аралаштыруу, ысык суу менен муздак сууну аралаштыруу.

**ЧАБЫШТЫРУУ** **чабыштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАБЫШУУ** **чабыш IV** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАВАТЫ** Калама.

**ЧАВКЕР** *диал.* Чаар, карала түс.

**ЧАВЛИ** **чөөлү** менен бирдей.

**ЧАВЫЗГАН** *диал.* Чалкан сымал өсүмдүк.

**ЧАВЫЙ** *диал.* Эликтин жаңы туулган баласы. *Кара чавуул болгонсуп чавыйга жулунуп калыптыр.*

**ЧАГА** Эки учуна кериле топ кыл тартылган кыл кыяктын таякчасы.

**ЧАГААН АЙЫ** Ак чыккан ай, мал төлдөп, сүт көбөйгөн маал. *Калкына кабар салыптыр, Карыясы ат коюп, Чаган күнү тууду деп, Чаганбай коюп алыптыр* («Манас»).

**ЧАГАРАК** 1. Боо өткөрүү же кулпу салуу үчүн металлдан жасалган тегерек алкак, төнөлүк. *Жел боо байлай турган чагарактарына күмүш чаптырып, соот куйдурган* (Токомбаев). *Күмүштөн карга чаптырып, Жез чагарак тактырып* (Токтогул). 2. Ийилген, имериңки абалда болуу. *Чагарак куйрук.*

**ЧАГАРАКТА** 1. Чагарак салуу. 2. Чагарак сыяктанып имерилген, булгалаган абалда болуу (мис. иттин куйругу). 3. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, чакчырылуу. *Кытмыр бай ушкүрүнүп ыңгыранат, Сагынат жүргөн күнүн чагарактап* (Токомбаев).

**ЧАГАРАКТАТ** **чагаракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАГАРАКТОО** **чагаракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАГАТ** *диал.* Күңгөй. *Кышта чагаттарда кар көп болот.*

**ЧАГУУ** **чак** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАГЫЛ** 1. **чак IV** этишинин туюк мамилеси. 2. Нур, жарык экинчи бир нерсеге түшүп кайтуу, жаркылдоо. *Канаты күнгө чагылып, Учканын кара ак куунун* (Бөкөнбаев). *Күзгүдөй тунук Ысык-Көл, Күн нуруна чагылган* (Нуркамал). 3. Чагылган жарк-журк этүү. *Күн катуу күркүрөп келип, чагылган чагылды* (Жантөшев).

**ЧАГЫЛГАН** 1. Жаан-чачын мезгилинде абада жыйналган электр заряддарынын бири-бирине кошулуусунун натыйжасында күркүрөгөн үн чыгарып, жарк-журк эткен көрүнүш, кубулуш. *Аңгыча чагылган чагылып, кара нөшөр куйду* (Жантөшев). *Кайрадан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов). 2. *өт.* Өткүр, курч. *Буркандана кызуу кайрат, Булар – жанган чагылган.* (Бөкөнбаев).

**ЧАГЫЛГАНДУУ** Чагылган менен аралаш, чагылган менен кошо. *Чагылгандуу жамгыр. Далай таттуу мүнүталарым азыр бороон айдаган чагылгандуу булуттай удургуп өтө берди* (Мавлянов).

**ЧАГЫЛДЫР** **чагылт** менен бирдей.

**ЧАГЫЛТ** **чагыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАГЫЛУУ** **чагыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАГЫЛЫШ I** Нурдун, жарыктын экинчи бир нерсеге чагылып, жаркырап көрүнүшү. *Күндүн кечки чагылышы көлдүн бетин жалтыратып, жээкте калган келиндин сөлөкөтү да улам кичирүүдө* (Сыдыкбеков).

**ЧАГЫЛЫШ II** **чагыл** этишинин кош мамилеси.

**ЧАГЫМ** Кайраштырган ушак, жалаа, бирөөнү жамандагандык, кайраштыргандык. *Бөөдө чагым бөлөккө жетпес* (макал). *Чагым өлтүрөт, мактоо жеткирет* (макал). *Чагым сөздөр менен уулу Карабекти Айдарбек бүгүн Ош оёзунун алдына жиберген имиш* (Жантөшев).

**ЧАГЫМДА** Болжолу, сыягы. *Чагымда, алардын айласы кетип турушат көрүнөт* (Жантөшев).

**ЧАГЫМЧЫ** Чагым сөз айтуучу. Бирөөнү бирөөгө тукуруп, жаңжал чыгарган киши. *Сен мени чагымчы деп ойлойсуңбу?* (Абдукаримов).

**ЧАГЫМЧЫЛ** Сөз ташуучу, айгакчы. Ушундай сапаты бар адам.

**ЧАГЫМЧЫЛЫК** Чагым кылуучулук, чагым сөз айтуучулук.

**ЧАГЫН** Анча көп эмес, ылайык келерлик, жетишерлик. *Өзүнө чагын малы бар.*

**ЧАГЫР I** 1. *диал.* Бозо кошулган арак. 2. Кымыз, айран же сүзмө кошулган шорпо. 3. Чалап. *Чагыр ичип суусунум канды.*

**ЧАГЫР II** *диал.* 1. Тери боёо үчүн пайдаланылган өсүмдүктүн бир түрү. 2. Өңү алабула бүркүттүн түрү. 3. Кайрак.

**ЧАГЫРМАК I** 1. Кымыздан тарткан арак. *Кымыздан кылган чагырмак, Мас болуп адам жыгылат* (Эл ырлары). *Этин кыңарак менен кырдырып, сөөгүн чагырмак менен жуудуруп, булгаарыга ороп бүктөтүп, буура төөгө жүктөтүп, ата журтка апкелдик* (Касымбеков). *Кымыздан чагырмак жасатып ичти* (Абакиров). *Кымыздан кылган чагырмак, мас болуп адам жыгылат* (фольк.). 2. Арак менен кымыз аралаштырылган ичимдик.

**ЧАГЫРМАК II** *аңч.* Үч жаштагы бугу. *Он эки айры бугу десем чагырмак экен.*

**ЧАГЫШ** 1. **чак** этишинин кош мамилеси. 2. Чагылып көрүнүү, жалтылдоо.

**ЧАГЫШУУ** **чагыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАДЫРА** *эск.* Аялдардын бет пардасы.

**ЧАДЫРАЙ** Чардаюу, курсагы чыңала чыгып туруу. *Чадырайган курсак.*

**ЧАДЫРАЙТ** **чадырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАДЫРАКАЙ** Чадырайган, челкегей.

**ЧАДЫРАНДА** Челкейген, чадырайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу.

**ЧАДЫРАНДАТ** **чадыранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАДЫРАНДОО** **чадыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙ** 1. Дайыма көгөрүп турууучу бадал өсүмдүгү жана анын атайын жолдор менен кургатылып, кайнатып ичүүгө ылайыкталып иштетилген жалбырагы, иштетилип чыккан өндүрүмү. *Куржундун бир көзүнөн эки кагаз чай чыкты* (Жантөшев). 2. Ушундай жалбырактан кайнатылып, ширеси чыгарылган суюктук (суусун). *Кары кемпир-чалдарга, Кант салган кара чай кызык* (Токтогул). 3. Көбүнчө коноктогондо, сыйлаганда берилүүчү тамак-аш. *Чайга чакыруу. Айыл-апаны чакырып чай берүү.*

**ЧАЙ КАЙНАМ** Анчалык көп эмес, узак эмес убакыт. *Көп болсо чай кайнамча буйдалсак кырылмак экенбиз* (Сыдыкбеков). *Чай кайнам убакыт өткөндөн кийин гана жөө адам экени даана көрүндү* (Осмоналиев). *Бал кымызын сабаларга ачыткан, Ичсең ичти чай кайнамда кызыткан* (Осмонкул). **В.: Чай кайнатым.** *Өрөөндүн ичиндеги кыштак менен почтонун аралыгы чай кайнатым алыстыкта* (Жусупов).

**ЧАЙ-ПАЙ** Жалпы эле тамак-аш, көбүнчө чай да катышкан жеңилирээк тамак-аш. *Карып, үйгө кирип чай-пай ичип кетсең боло* (Абдукаримов).

**ЧАЙ ПУЛ** 1. Бирөөгө жол каражат кылып кетиш үчүн же керегиңе жаратып ал деген мааниде сый катары тартууланган акча. *Бул сиздин чай пулуңуз, – деп кичинекей оролгон нерсени сунду* («Ала-Тоо»). 2. Көрсөткөн кызматы үчүн далдалчыга, тейлөөчүгө, жалчыга ж.б. берилүүчү сый, акча.

**ЧАЙ-ЧАМЕК** (чай-чамелек) Чай жана дагы башка ар түрдүү татымдардын (кант, набат ж.б.) жалпы аты. *Базардан чай-чамек алуу. Чай-чемелек сатуучу дүкөн.*

**ЧАЙ УУРТАМ** Бир аз, 3–4 мүнөттүк убакыт. *Мейман бөлмөсүндө үчөө чай ууртамга тунжураша тынчтыкка муюшту* (Бейшеналиев). *Сагынышкан эки ынак адамдын дидарлашар маалы чай ууртам, көз ирмем закымга кыскарып тездөөдө* («Ала-Тоо»).

**ЧАЙДАН** Термос. *Бир чайдан. Чайданды сындырган экен.*

**ЧАЙДООС** Чай жана суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы, чоргосу бар идиш. *Акыл аке сөзүн токтотту да, узун моюн чайдооско көк чай салып, оттон оолагыраак тартып койду* (Токомбаев).

**ЧАЙИНГИ** Баатырлар кийүүчү жоо кийими. *Үстүндөгү Чайинги, Тозоок деп калыптыр, Баштагыдан кайраты, Бошоюн деп калыптыр* (Урмамбетов). *Чайиңги деген тон кийген, Чал куйрук деген ат минген* (фольк.).

**ЧАЙКА** 1. Суюктукту чайпалтуу жолу менен аралаштыруу, чайпоо. *Чайпалса аяк төгүлөр* (макал). *Чаначтын булуңдары тирсийип, кулдурт-кулдурт чайкаганда, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Кетменди алып четинде, Эмгекчи жарма чайкаса* (Бөкөнбаев). *Чайкап сүйлөгөнчө, байкап сүйлө* (макал). 2. Чайып тазалоо, чайпай жууп таза кылуу. *Отурат тунук сууга жүзүн чайкап Келбети ажарданат айдай толук* (Абдыраманов). *За-*

*матта идиштерди чайкап жиберип, тумбочкага салып койдум* (Касымбеков). 3. Чайпоо жолу менен каптоо. *Бирин бири кубалап келип кум чайкаган майда толкун* (Сыдыкбеков). *Түрмөктөлүп кум чайкап, Буталарга бурулган* (Тоголок Молдо). 4. «Жок» же «билбейм» деген мааниде башты кыймылдатуу, баш ийкегенге карама-каршы аракет кылуу. *Жакып башын чайкап, угулаар угулмаксан кобурады* (Бейшеналиев).

**ЧАЙКАЛ** **чайка** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАЙКАЛТ** **чайкал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЙКАМА** *диал.* Ак нерселерди чайкоодо колдонулуучу көк боёк. *Кире берер жерден баарыбызга ак жуулган, чайкамага чайкап, жеткире тапталган бирден эндей ак жамынчы кийгизди* (Убукеев).

**ЧАЙКАН** **чайка** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАЙКАНА** Чай жана тамак-аш ичилүүчү жай. *Станциянын артындагы чайканада адам көп* (Жантөшев). *Чайкананын төрүндөгү чарпанда жыйырмадай киши отурат* (Жантөшев).

**ЧАЙКАНАЧЫ** Чайканада иштөөчү адам. *Чайканачы бир чайнек чай алып келди.*

**ЧАЙКАНДЫ КЕЛБӨӨ** Өтө эле аз болуп калуу, арзырлык, алымсынарлык абалда болбоо. *Анча бала-чакалуу боло элек жаңы тирдик кез, экөөбүздүн кенедей оокатыбыз ушул үйгө да чайканды келбей калган* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАЙКОО** **чайка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙКООЧУ** Алып сатар, бирөөнөн алып башка бирөөгө сатып, пайда табуучу соодагер. *Атам чайкоочу эле, базардан калбайт, аны ээрчип мен да калбайм* («Ала-Тоо»).

**ЧАЙКОР** **чайчыл** менен бирдей.

**ЧАЙЛА** 1. Толуп каптоо, жалпы каптоо, жапырт өсүү. *Беде чабыктан кийин кыйла чайлап калыптыр, күрпөңдөй тармал* (Касымбеков). *Арпа, буудай чайлаган, Дыйкандар алыш байлаган* (Касымбеков). 2. Чарчоо, чаалыгып алсыздануу. *Тулпар чарчап, чайлаган, Жерге кабар айткамын* («Эр Төштүк»).

**ЧАЙЛАТ** **чайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЙЛОО** **чайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙЛЫК** 1. Бир чай ичүүгө жете турган. *Бир чайлык сүт. Чайлык суу. 2.* Чай-пай, тамак-аш ичүүгө арналган анча-мынча тыйын-тыпыр. 3. *суйл.* Жолдук кылынган акча.

**ЧАЙНА** 1. Тамакты же кандайдыр бир нерсени ооздун ичинде майдалоо, тишке салып жаакты кыймылга келтирүү. *Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт* (макал). *Чайнаса балдай татыган, сур этten жардам беребиз* (Осмонкул). *Акжал жерди чапчып, ооздугун качырата чайнап, кермеде турат* (Жантөшев). 2. Тиштегилеп эзип таштоо. *Жаңы кирген кара атан, Тайлакты чайнап койбосун* (Бөкөнбаев).

**ЧАЙНАЛ** 1. **чайна** этишинин туюк мамилеси. 2. Кыйналуу, абдан убара тартуу. *Далай шордуу жүрбөдүбү чайналып* (Турусбеков).

**ЧАЙНАМ** Бир чайноого жетишерлик, аз өлчөмдөгү. *Эки чайнам нан келет, Ар бир күнгө өлчөнүп* (Токтогул).

**ЧАЙНАТ** **чайна** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЙНАШ** 1. Тиштегилешүү, бирин-бири тиштегилешип алышуу, кармашуу. *Ат алышпайт кежигеден чайнашпай* (Үмөталиев). 2. **чайна** этишинин кош мамилеси.

**ЧАЙНАШУУ** **чайнаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙНЕК** 1. Чай демдөө үчүн колдонулуучу, туткасы жана чоргосу бар көбүнчө фарфор идиш. *Дасторкондун четинде чоң жез чайнек турат* (Жантөшев). *Эркекыз корго койгон ак чайнегин туткуч менен этияттап кармап алып, Жылдызкандын жанына коёт* (Байтемиров). 2. Чай, суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы жана чоргосу бар көбүнчө металл идиш, чөөгүн. *Дасторкондун четинде чоң жез чайнек турат* (Жантөшев).

**ЧАЙНОО** **чайна** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙПА** 1. Термелүү, ары-бери теңселте козгоо. *Кеме чайпап, термеп келе жатты, Баягы байкуш энем бешигиндей* (Бөкөнбаев). *Мен укпаган үндөр менен чайпалды, Мен билбеген тилдер менен сүйлөдү* (Акматалиев). *Алдындагы атак алган жоргосу, Чал көңүлүн алаксытып чайпады* (Токомбаев). 2. Жайпоо. *Чайпай берип кум шилеп, Толкуса жарга урунуп* (Турусбеков).

**ЧАЙПАЛ** **чайпа** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАЙПАЛТ** **чайпал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЙПАЛУУ** **чайпал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙПАТ** **чайпа** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЙПОО** **чайпа** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЙРИКЕР** *тар.* Бирөөнүн курал шайманы менен анын жеринде жумушун иштеп берип, түшүмдүн бир бөлүгүн алуучу адам. *Сарыбай өзүнүн чайрыкерлерин жана башка кызматкерлерин кош айдалуучу жерлерге бөлүштүрдү* (Бөкөнбаев).

**ЧАЙСЫРААК** **чайчыл** менен бирдей.

**ЧАЙЧЫ** 1. *тар.* Чай кайнатып, чай берүү жагын тейлөөчү киши. *Мен кыздын чайчысы болуп калдым* (Токомбаев). 2. Чайчыл, чайкор. *Сузак чайканасы демейдегидей, чайчылар чарпайларга шыкалып калган.*

**ЧАЙЧЫЛ** Чай ичкенди жакшы көрүүчү, чайды көп ичүүчү.

**ЧАЙЫ** 1. Жуу, чайкоо. *Мамбеткул пиязды туурап бүтүп, колун чайып, букурөйгөн манжаларын салаалаштырып койду* (Абдумомунов). *2. өт.* Жылмалоо, жымсалдоо, таза кылып көрсөтүүгө аракет кылуу. *Уятын жууп-чаюуга, Актанып дагы сайрады* (Жантөшев).

**ЧАЙЫЛ** **чайы** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАЙЫН** **чайы** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАЙЫР I** Карагайдан, өрүктөн ж.б. кээ бир жыгачтардан чыгып туруучу илээшкен, жабышкак зат. *Өрүктүн чайырыдыр деп Кален капарына алган жок. Арчанын майда күкүмү чатырап, чайыр жытын бурады* (Абдукаримов).

**ЧАЙЫР II** *биол.* Өсүмдүктөрдүн чатыр гүлдүүлөр тукумундагы уруусуна тиешелүү көп жылдык чөп.

**ЧАЙЫРДА** Чайыр сүйкөө, чайыр жугузуу, чайыр сүйкөп жабыштыруу, чайыр менен желимдөө.

**ЧАЙЫТТАЙ** Тунук, таза, абдан ачык. *Асман чайыттай ачык* (Баялинов). *Бүгүн күн чайыттай ачык* (Сыдыкбеков). *Айлана чайыттай ачылып мемиреп турат* (Сасыкбаев).

**ЧАК I** 1. Белгилүү бир убакыт, мезгил, кырдаал, учур, кез. *Эми келдим көргөнү, Элүүдөн ашкан чагымда* (Калык). *Радиолуу клубдар эл менен жык толгон чак* (Үмөталиев). *Эрмегим комуз колдо ойноп, Ээлигип сайрар чак ушул* (Бөкөнбаев). 2. *грамм.* Кыймыл-аракеттин же ал-абалдын мезгилин көрсөтүүчү этиштин формасы. *Өткөн чак. Учур чак. Келер чак.*

**ЧАК II** 1. Чоң да кичине да болбой туура келе турган, көлөмү жагынан туура, жетишерлик, ылайык. *Бутуңа чакты таба албайсың* (Бейшеналиев). *Булгаары тердик ак токум, Ошол Нарбууданга чак токум* («Манас»). 2. Чакан, кичирээк, азыраак, анчалык эмес. *И, былтыр бизге мынчалык акыл кошууга эски директорубуздун чамасы чак болучу* (Сыдыкбеков). *Бүгүн байлык чети оюлбас бир кендей, Малы жайнап, бир капчыгай чак келбей* (Маликов).

**ЧАК III** Темир, таш сыяктуу катуу нерселердин бири-бирине урунушуусунан чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Болоттон балкалары чак-чак соккон, Түр жасап эрип жаткан кызыл чоктон* (Бөкөнбаев).

**ЧАК IV** 1. Тиштеп туруп уусун жиберүү, талоо (мис. жылан, кара курт, чиркей, ж.б.) – *Э чоң ата, – деди кечүүдөн өткөн соң Динар – жыландар кишини чагат, ээ?* (Сыдыкбеков). *Боз тоголок бүргө этин чаккан болчу, Токтогул* (Токтогул). 2. Кээ бир өсүмдүктөр. Мис. чалкан, денеге тийгенде дүүлүктүрүү, тызылдатуу. 3. *өт.* Сөөгүнө жеткирүү, жанына батыра сөз айтуу. *Жаман айтып сөз менен, Жандын баарын чагар деп* («Саринжи – Бөкөй»). *Бул сөздөр бектин денесин чалкандай чагып, баш терисин тырыштырды* (Абдукаримов).

**ЧАК V** 1. Таш, сөөк сыяктуу катуу нерселерди уруп, чаап талкалоо, сындыруу, майдалоо. *Ташты чаккан чукулукту көтөрүп, убап-чубап жөнөгөндө караңыз* (Маликов). 2. Жанып уруу, жанып уруп от чыгаруу. *Каныбек оттук чагып, отунду куусунан сындырып от жакты* (Жантөшев). 3. Ушактоо, жамандоо, чагым айтуу. 4. Датын, муңун козгоп айтуу, чечиле айтуу. *Кедейлер бир-бирине муңун чагат* (Турусбеков), 5. Тогоп эсептөө, салыштырып нарктоо. *Эгер койго чаксак, жараган эки кой болот эле* (Жантөшев).

**ЧАК VI** *диал.* 1. Бышык, бек. 2. Бүйрө, тетик. 3. Ыраазы. *Көңүлүн чак кыл.*

**ЧАК КЕЛБӨӨ** 1. Тендеше албоо, тең келбөө. *Өлүп калган канышың кирпигине чак келбейт* (Жантөшев). 2. Түтпөө, жетишерлик болбоо. *Балдар жарыша иштесе, аларга ылай чак келбей, тигил ташуучуларды шаштырат* (Сыдыкбеков).

**ЧАК ТҮШ** Күн так төбөгө келген мезгил, чаңкайып турган убакыт. *Чак түштө өзүм жалгыз постко чыктым, Токойдон алда кандай шыбырт уктум* (Үмөталиев).

**ЧАКА I** Суу ж.б. суюктуктарды куюу, ташуу же сактоо үчүн колдонулуучу, кармагычы бар металл идиш. *Эки чака суу көтөрүп, дарбазадан Айша кирди* (Баялинов).

**ЧАКА II: чака-чака** *же* **чака-чак, чакачук** Темир, таш сыяктуу катуу нерселерди ургулоодон чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Жарышып балкалар да чака-чака, Тынымсыз эмгек кайнап бака-шака* (Бөкөнбаев). *Жалындын жана тынымсыз чакачук эткен дабыштын ичиндеги темирчи ага кандайдыр коркунучтуу болуп көрүндү* (Токомбаев).

**ЧАКА III** Чакап кетүү. *Сорду бекем аптыга, Чакап кетип ал козу, Башын чайкап бышкырды* (Токомбаев). *Татибек сөз айталбай муунуп, шилекейине чакады* (Байтемиров).

**ЧАКА IV** Майда тыйын, мурунку мезгилде соода-сатык иштеринде колдонулган жез тыйын. *Сыңар чака доосу жок* («Манас» С.О.). *Жалгыз чака пулу жок* (Тоголок Молдо).

**ЧАКА V** *диал.* 1. Кой-эчки, топоздун желининен учу сууланып, бүдүр болуп жабалактап чыккан жара. 2. Чакалай.

**ЧАКА ТУЯК** Куу, митаам. *Жедеп чака туюк болгон кыйды бир аз жумшай түшту* (Бектенов).

**ЧАКАЛА** Кандайдыр бир ишке чаканы пайдалануу (аны менен бир нече ирет сузуп алуу же ташуу). *Чакалап сузуп буудай алабыз* (Элебаев).

**ЧАКАЛАЙ I** Беттин же баштын ар кайсы жерлерине тегерек-тегерек болуп, кычыштырып чыга турган жугуштуу тери оорусу. *Музоонун карттанган чакалайын, тырмалап, үсту-үстүнө мурдун тартат* (Сыдыкбеков). *Чакалай болгон койлорун, Дарылап баарын эмдеди* (Осмонкул).

**ЧАКАЛАЙ II** *диал.* Таштарды үйүп, үйүлгөн таштарды таш менен уруп ойногон оюн.

**ЧАКАЛАК** *диал.* 1. Эмчектеги бала, жаш бала. 2. *диал.* Жүгөрүнүн сотосу.

**ЧАКАЛАТ** **чакала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКАЛОО** **чакала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКАН** 1. Чак, туура келе тургандай, өзүнө жетишерлик. *Кемпир боюна чакан тигилген кара баркут кемселинин топчуларын чечип койгон. Атабайдын оокаты канчалык ашып-ташып кетпеген менен, өз боюна чакан, эл көзүнө кырдуу эле* (Байтемиров). 2. Анчалык чоң эмес, кичирээк. *Кычан болсо чакан балкаларды чаап, тогоо илгич өңдүү майда буюмдарды жасап коёт* (Бейшеналиев). *Шопоктун чакан боз үйүнүн ичи-тышы элге толуп чыкты* (Бөкөнбаев).

**ЧАКАР** 1. Кыйды, митаам. *Ээси арамза болсо, аты чакар болот* (макал). 2. Чоң. *Чакар короо, аз болгондо он бештей боз үй бар* (Сыдыкбеков).

**ЧАКМА** *диал.* Ширеңке.

**ЧАКМАК I** 1. От чыгаруучу таш, оттук таш. 2. Самоорго жагууга ылайыктап майдаланган отун. *Самоорго чакмак даярдоо.* 3. *диал.* Ширеңке. *Чакмагың барбы?* 4. Топ таш оюну. *Кыздар дөңгө чыгып чакмак ойной башташты. Энесине келсе, чакмактын ташы жок экен* (Бөкөнбаев). *Сен келгиче чак болом, анан чакмак ойнойбуз. Кумалак, кемте, чакмагың, Камдап койгун барысын* («Эл адабияты»). *Жагалмай менен турумтай, Чакмак алып ойноду* (Тоголок Молдо). 5. *диал.* Насыбай салынган идиш буюм.

**ЧАКМАК II** Төрт чарчы, төрт чарчы формалуу, торчо түрүндөгү. *Чакмак кант. Чакмак сызык. Ракыянын чакмак сызык көк ала көйнөгү мүчөсүнө келишимдүү* (Байтемиров).

**ЧАКМАК АЛУУ** Бирөөгө өз билгениндей үстөмдүк жүргүзүү, ары-бери калчоо, көз каранды кылуу. *Дүр мындан ары мобу томсоргон букараларды каалаганындай чакмак ала башкара берерине чамгарактады* (Бейшеналиев). *Адамдын тагдырын чакмак алган эски бийлик эбак кыйраган* (Сыдыкбеков).

**ЧАКМАК ТАШТАЙ ЧАҢКЫЛДАЙТ** *диал.* Тың, чыйрак.

**ЧАКМАК ЭТ** Булчуң эт. *Кара сандын чакмак эт, Бөрү, түлкү оёт бейм!* («Манас»). *Чакмак этиң чаначтай, Көкүрөгүң Таластай* (Токтогул).

**ЧАКМАКТУУ** Чакмагы бар, биринин үстүнөн бири каршы-терши кеткен төрт чарчы сызыктары бар, клеткалуу. *Төрдөгү киши чакмактуу жоолук менен терин аарчыды.*

**ЧАКТА** 1. Чак кылып өлчөө, ченөө, чак түргө келтирүү. *Чоң энеси боюна чактап жасап берген буюм салчу мешогун жонуна токчойто коюп, көтөрдү эле, Абазга жарашты да калды* (Таштемиров). 2. Аша кетпөө, ашырып жибербөө. *Чактап ал дебейсиңби* (Токомбаев).

**ЧАКТАЛ** **чакта** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАКТАН** **чакта** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАКТАТ** **чакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКТОО** **чакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКТУУ** Анчалык эмес, чамалуу, ашып кеткен эчтемеси жок. *Алы чактуу.*

**ЧАКТЫ** Кандайдыр сандын айланасында экендигин чамалап көрсөтүү үчүн колдонулат. *Он чакты. Жыйырма чакты.*

**ЧАКТЫР** **чак** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЧА** Жанга алып жүрүүгө ылайыкталып мүйүздөн, металлдан жасалган салгыч, насыбай салууга колдонулган кичинекей куту. *Мамбеткул күрмөсүнүн чөнтөгүнөн чакчасын алып, Мамбетке сунду* (Каимов).

**ЧАКЧАГАЙ** Чакчайган, көзү чакырайган.

**ЧАКЧАЙ** 1. Көзү тостоё чыгып чакырайып көрүнүү. Чакчаюу, чакчайып карoo. *Жоокерлердин бажырайган сүйкүмдүү көздөрүн эч убакта чанагынан чыгуучудай чакчаят деп ойлогон эмесмин* (Каимов). *Арзынын көзү таңдангандыктан чакчая түштү* («Ала-Тоо»). 2. Абдан зарыгуу, тажап, узак күтүү. *Капчыгайдын түзөңчөсүнө жеткиче, Акбардын эки көзү чакчайды* (Убукеев). *Тээ тетиги, жонго жете албай, көзүң чакчаяр – деп, Бейшен Самарга каршы сүйлөдү* (Таштемиров). 3. Уктабоо, уйкусу качуу. *Түн ортосу ооп кеткенине карабастан, Жылдызкан көпкө чейин чакчайып уктаган жок* (Байтемиров).

**ЧАКЧАЙТ** **чакчай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЧАК** Жумуртка менен сүткө жуурулган камырдан жука жана ичке кылып кесип, катырак кылып майга бышырып, бал аралаштырылган таттуу тамак.

**ЧАКЧАҢ-ЧАКЧАҢ ЭТҮҮ** Көздөрүн чакырандатып ачуулануу, эдирендеп оройлук кылып бир тийүү. *Чакчаң-чакчаң этип, атын ойноктотот, элдин мүдөөсүн угар түрү жок* («Ала-Тоо»).

**ЧАКЧАНДА** 1. Чакырандоо, көздү чакырайтуу, көздү акырайтуу, акырандоо. *«Кайда-кайда бурут» – деп, Чакчаңдаган көздөрү* («Манас»). 2. Акырандаган, менменсинген, алабармандаган мамиле кылуу. *Чакчаңдап кирип келди. Эл кадырын биле албай, Жүрүптүрмүн чакчаңдап* (Жантөшев).

**ЧАКЧАНДАТ чакчанда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЧАНДОО чакчанда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЧАРЫЛ** Чакчандаган өкүм мамиледе болуу, менменсине көтөрүлүү. *Бүгүн үйүңдү көчүрүп барып, Ийри-Сууга тик! – деди Балакурман чакчарылып* (Элебаев).

**ЧАКЧАРЫЛТ чакчарыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЧАРЫЛУУ чакчарыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЧАЮУ чакчай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЧЕЛЕКЕЙ** Тартипсиз, иретсиз баш аламан, кымгуут, чаң-тополоң. *Чабышкан жоосу жок туруп, Чакчелекей качышса* («Эр Табылды»).

**ЧАКЧОО** Айрандан каймак бөлүп алууда колдонулуучу тарткыч.

**ЧАКЧЫГАЙ** 1. Ар кандай жаныбарлардын үнүндөй үн чыгара алууга (сайрай алууга) жөндөмдүү кичинекей боз чымчык. *Азыр эле туруумтайдан качып кутулган чакчыгай таштын коңулунан чыга калды* (Токомбаев). *Чакчыгайы чакылдап, Каргалары какылдап* («Манас»). *Эшиктен тешик тиктейт чакчыгайдай, Кайтарат жылдар, күндөр сакчылардай* (Токтомушев). 2. *өт.* Тапан, такылдак. *Бала эмес эле чакчыгай өзү* (Сыдыкбеков).

**ЧАКЧЫЙ чакчай** менен бирдей.

**ЧАКЫЙ чакчай** менен бирдей.

**ЧАКЫЛДА** 1. Чак-чак эткен дабыш чыгуу, чак-чак эткен дабыш чыгаруу. *Безеленген мети үндөрү чакылдайт* (Убукеев). *Бир жерде чымды бырт-бырт сайып жатса, экинчи бир жерде сом темирлер чакылдап, тоодой таштарды кулатып жатат* (Элебаев). 2. Чак-чак эткен дабыш чыгарып сайроо, шакылыктоо. *Чакылдаган сагызган, чыркылдаган чымчык жок* (Жантөшев). 3. *өт.* Тартынбоо, тартынбай, үндү бек-бек чыгарып сүйлөө, такылдап сүйлөө. *Чакылдаган катынды үй чечкенде көрөбүз* (макал). *Шарипке Иранын орусча-кыргызчасын аралаштырып тайманбай чакылдап айтканы, кыз эмес эле булбул сүйлөп жаткандай сезиле баштады* (Бейшеналиев).

**ЧАКЫЛДАК I** 1. (кара чакылдак) Сазда жашоочу канаттуу куштун бир түрү, кулаалы. 2. *диал.* Чак-чак этип катуу үн чыгарып, кээде адамга жабыша кала турган, көбүнчө таш-дубалдардын кычыгында жашоочу кескелдирик.

**ЧАКЫЛДАК II** Тегирмендин ташы айланган сайын ага буудайды өз өлчөмү менен түшүрүп туруучу жыгач.

**ЧАКЫЛДАТ чакылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЫЛДОО чакылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫЛЫКТА** Чак-чак этип сайроо, шакылыктоо. *Улам барган сайын таш-таштан кекилик чакылыктап, кулак-мээни алат* (Сыдыкбеков).

**ЧАКЫЛЫКТОО чакылыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫР** 1. Бир жерге келүүгө же барууга сунуш кылуу, сунуш кылып айтуу. *Чакыргандан калба, өзүң басып барба* (макал). *Бар, кошунаны чакырып келчи* (Байтемиров). *Чакырып күндө бирөө, Касым барат, Ошентип сагынышкан чери тарап* (Осмонов). *Эсеби жок калың той, Калк чакырып берди дейт* («Эр Төштүк»). *Тырмышпай турчу ары! Кетип кала элегинде атасын чакырайын* (Жакиев). 2. Уюштуруу. 3. Үндөө. *Уста баатыр уландарга дайыма акылын айтып, кеңешин берип, аларды эл таламын көздөөгө чакырат* (Сыдыкбеков). 4. Үн катуу, үн салуу, кыйкыруу. *Күкүгү таңшып чакырып, Көгөргөн дарак-бактарга* (Тоголок Молдо). *Маңдайдан элик бакырат, Тоосунан улар чакырат* (Каралаев). *Тоок бир чакырганда, Абылкасым мектепте болду* (Байтемиров).

**ЧАКЫРАЙ** Көздү акырайта чоң ачуу, көздү алайтып, акырая кароо, тигиле тиктөө. *Көзүн чакырайтып, ызырынып сүйлөгөн Кошой* (Токомбаев). *Татыбектин үргүлөп турган көзү чакырая түшөт* (Байтемиров). *Көздөрү чакырайып, эшиктен өтөт* (Байтемиров).

**ЧАКЫРАЙТ чакырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЫРАКАЙ** Көзү чакырайган, бакырайган.

**ЧАКЫРАНДА** Чакчандоо, көздөрүн чакчандатуу.

**ЧАКЫРАНДАТ чакыранда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАКЫРАНДОО чакыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫРАЮУ чакырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫРТ** 1. **чакыр** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *диал.* Чикит оюнун баштоо үчүн анын балакайын ээлегендик.

**ЧАКЫРТУУ чакырт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫРУУ чакыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАКЫРУУ КАГАЗЫ** Чакырыкты кабарлоочу билдирүү. *Жигиттердин кээси чакыруу кагаздарын колдоруна алышып, күн мурун даярданууда* (Сыдыкбеков).

**ЧАКЫРЫК** 1. Чакыргандык жөнүндөгү кабар, билдирүү. 2. Ураан, үндөө. *Октябрь майрамына арналган чакырыктар.*

**ЧАКЫРЫЛ чакыр** этишинин туюк мамилеси. *Окумуштуулар кеңешинин чогулушу чакырылып, талкууга алынуучу маселелер каралды.*

**ЧАКЫРЫЛУУЧУ** 1. Атайын чакырык менен келе турган адам. 2. Аскер кызматын өтөө үчүн чакырыла турган адам.

**ЧАКЫРЫМ** 1. Кишинин кыйкырганда үнү жетерлик аралык өлчөмү. *Айылга эки чакырым калганда гана жеңесине кайрылды* (Абакиров). 2. *эск.* Болжол менен бир километр чамасындагы аралык чени. *Кыштактан берки жол эки чакырымдай бар* (Сыдыкбеков). *Мектеп менен айылдын Арасы он беш чакырым, Китеп кабым асынып, Мен барамын акырын* (Осмонов).

**ЧАКЫРЫП УРГАН ИТТЕЙ БОЛУУ** Эңсегениндей, самаганындай болбой, оюу ордунан чыкпай, шагы сынып, шаабайы сууп шалдая түшүү, бозала болуу, ыза болуу. *Эне-Бейит деп ээленгидей болсо, деги эле кой! Мына! Чакырып урган иттей болдуңарбы!* (Айтматов). *Чакырып урган иттей болуп бир топтон кийин Петруха келди* (Айтматов). **В.: Чакырып урган иттей кылуу.** – *Тоголок Молдо, сенин окууң чала. Дүр аны менен дагы акыйлашып отургусу келбей, шарт өкүмүн маалымдады. Чакырып урган иттей кылды го дегенсип, Байымбет дал боло закымга тунжурады* (Бейшеналиев).

**ЧАКЫРЫШ чакыр** этишинин кош мамилеси.

**ЧАКЫЧ** *диал.* **чакыш** менен бирдей.

**ЧАКЫШ** *диал.* Сагыз. *Азалап чакыш чайнайсың, Адамды көрсөң жайнайсың* (Эл ырлары).

**ЧАЛ I** Абышка, карыя, карып калган адам. *Карабек лыпылдаган шайыр чалга карады* (Каимов). *Сакалдын көркү чалда бар, Сулуунун көркү калда бар* (Токтогул). *Сыртка чыгат тийген кезде Күн чубак, Чал жанында биз жүрөбүз чуркурап* (Самудинов).

**ЧАЛ II** *диал.* 1. Тал-теректин куурап калган башы. 2. Буурул. *Чал сакал. Чал куйрук.*

**ЧАЛ III** 1. Күрөштө буту менен экинчи кишинин бутун илип жыгуунун аракетин жасоо, илиндирүү. *Каарыма келе түштүм намыс кылып, Бир булкуп бастым жерге чалып туруп* (Үмөталиев). 2. Жипти, узун тилке нерсени ж.б. имере ороо, оролто байлоо. *Минип барган кара бээ, Мамысына чалды эле* («Эр Төштүк»). *Алты жаак айбалта, Билекке кынай чалды эми* («Манас»). 3. Союу, жара тартуу. *Арбагына Манастын, Ак боз бээни чалды эми* («Манас»). *Кайран балбан өзүңдү, Каман чалып өлтүрдү* (Токтогул). 4. Байкоо, көрүү, чалгындоо. *Жолой күндүзү бийик кырга, чокуларга чыгып, жол чала баштады* (Жантөшев). *Алдыртан чалып, айылдын сырын билип кайттым* (Сыдыкбеков). 5. Оттоо. *Аттардын шартылдатып чөп чалганы, бышкырыгы, жүгөндөрүнүн шарактаганы күңүрт угулат* (Абдукаримов). 6. Чалгыч же башка бир нерсе менен аралаштыруу, булгалап аралаштыруу. *Сурма сыр аякка кымыз куюп талкандан чалды да, Карымшакка сунду* (Байтемиров). 7. Комуз чертүү, чертиле турган музыкалык аспапта ойноо. *Келин-кыздын жанында, Келтирип комуз чалган кез* (Токтогул). *Толгоп толгоп күү чалам, Толкундатып үн салам.* (Турусбеков). 8. Кабылуу, туш келүү, басуу, чулгап калуу, каптоо. *Булбулум туткун болду деп, Элиңдин жүрөгүн кайгы чалган жер* (Токомбаев). *Таң серпилип, Жерди жарык чалды* (Сыдыкбеков). *Чокуларын туман чалган кырка тоолор* (Сасыкбаев).

**ЧАЛ ЖЫГАР** *этн.* Үйлөнүү үлпөтүндө аткарылуучу жөрөлгө, күйөөгө кеткен кыздын эжелери баланын атасынан белек доолашкан. *Кудалар кыздын атасыныкында жатканда «чал жыгарыбызды» бергиле деп абышкалар келишет* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛ-ЧАБЫР** Кары-картаң, жалпы эле чалдар. *Чалкалмак чал-чабырын жиберип, тандап алып калып, Табылды менен кармашайын деди* («Эр Табылды»).

**ЧАЛА** 1. Толук эмес, аягына чейин эмес, жетиле элек, анчалык эмес. *Чала жорго жол бузат, чала молдо эл бузат* (макал). *Кай бирин тургансыймын таанып чала* (Үмөталиев). *Чала ачыган бозодон, Ачымал жакшы ун чалган* (Осмонкул). 2. Ырас болуптур, «бу да аздык кылат» деген мааниде табалоо иретинде колдонулат. *Мырзабайдын үйү өрттөнгөндө: «ажап гана болду! Аларга бул да чала..!» деп көп кишинин айтканын уктум* (Абдукаримов).

**ЧАЛА-БУЛА** Толук эмес, анча-мынча, аягына чейин эмес, үстүртөн. *Мен чала-була шам-шум этип, мектепке чуркадым* («Ала-Тоо»). **В.: Чала-бучук.** *Жеңеси аркылуу кыз менен чала-бучук сөз илештирген жагдайым бар* (Бейшеналиев). *Көчөр, Сатарлар чала-бучук тааныш болуп калган жолдоштор менен да коштошушпады* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛА ЖАН** Араң эле жаны бар, өтө алсыз, өлөсөлүү, чала өлүк, эси ооп, эсинен танып калган абал. *Алымкулду аябай сабап, чала жан болгон кезде короосунан сүйрөтүп барып таштады* (Абдукаримов). *Тепкиден уукан чала жан Музооке жатат* (Бейшеналиев).

**ЧАЛА КАЙЫП** Анча-мынча, бир аз, кичине. *Ар жак, бер жагына чала кайып көз жүгүртө, оң жакка терезенин алдындагы орундукка барып отурду* (Даникеев).

**ЧАЛА МОҢОЛ** Кичине-кичине, бир аз,

анча-мынча. – *Сен айтчы? – деди Эдиге, чала моңол өңү жылуу учураган жаш уланга* (Осмоналиев). *Аскар түз карай албай тайсалдап, сөздү узартпоо максатында ооз учунан чала моңол жооп кайтарды* (Исмаилов). *Эргеш гана чала моңол кат таанышт* (Жантөшев).

**ЧАЛА ӨЛТҮРГӨН ЖЫЛАНДАЙ** Же ары, же бери эмес, орто саар, аягына жеткире иштелбей ара бөк, арсар абал. *Баягында Байымбетти чала өлтүргөн жыландай алсыратып, бала окутууга тыюу салган* (Бейшеналиев). *Ошол күнү Чокон таң атканча кыйналып уктай алган жок, уйку-соонун аралыгында чала өлтүргөн жыландай толгонот* (Абдыраманов). *Иш жуп бүтөрдө чала өлтүргөн жыландай кылып таштап коюшту* («Чалкан»).

**ЧАЛА САБАТ** Билими тайкы, ар нерсеге анча терең түшүнө бербеген же чала кат тааныган. *Билими тайкы, чала сабат, чалпоо кыял неме.*

**ЧАЛА-ЧАРПЫ** (чала-чарпыт) **чала-була** менен бирдей. *Түшүндүрөйүн деген оюмду чала-чарпы айттым* (Жантөшев).

**ЧАЛАГАЙЫМ** Ишти аягына чейин аткара албаган, үстүртөн мамиле кылган. *Бирок мен үчүн ал дагы чалагайым бала сыяктанат* (Айтматов). *Көксөгөнүн өйдөкү класстагы көйрөң, узун шыйрак, чалагайым балдардыр* (Стамов).

**ЧАЛАГАР** Жомоктордо, эпостук чыгармаларда айтылуучу канаттуу куштун аты. *Төрт канаттуу Чалагар, сырттан Алмаң караса, Суу кушунун баары бар* («Манас»).

**ЧАЛАЛЫК** Чала жасагандык, чалагайымдык. *Бул баланын ушундай чалалык жагы бар эле* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛАМАН** *диал.* Чак түш.

**ЧАЛАП** Суу кошуп суюлтулган айран, сүзмө. *Мына ич, мен сага чалап даярдап койгом* (Токомбаев). *Кечинде барып ичелик, Арткан муздак чалапты* (Осмонкул).

**ЧАЛБАР** *диал.* Шым. Тери шым. *Кырк баатырга кырк чалбар, Кылып койгон ишим бар* («Манас»). *[Куланбай] багелеги кең саймалуу сары күрөң чалбарын ушалаган болуп, малдаштокулган боюнча үңкүйүп көзүнүн үстү менен караганы болбосо, таарынгандай мурчуюп отуруп* (Абакиров).

**ЧАЛБЫР БОО** Илгери кыргыздарда ат мингизген кишиге «чылбыр боо» деген салт боюнча бир нерсе кайтарып берүү ырымы болгон. *Чалбыр тутам боосу жок* («Манас» С.О.).

**ЧАЛГАЙ** 1. Кийимге кыйык кылып кийирип тиге турган тилкеси. Кездеменин шынаа түрүндө бычылган түрү. 2. Кыйыр, түз эмес, чалгырт, тетири, арамдык, арамзалык. *Чалгайы болгон сөзүндө, Айласы келсе чалмак бир болгон өзүмдү* («Манас»).

**ЧАЛГАЙЛУУ** Ою бузук, ичи бузук, арам ойлуу. *Чалгайлуу болсо окустан, Атын койгон адамдын, Кыйылып башы түз болор* («Сейтек»).

**ЧАЛГЫ** Уч жагы ичин көздөй бир аз ийилген, темирден жасалган, узун жыгач сабы бар көбүнчө чөп чабуу үчүн колдонулуучу курал. *Береги чалгы тарткан келиндер негедир сумсайыңкы күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Сарамжалын шайлашып, Орок, чалгы кайрашып* (Тоголок Молдо).

**ЧАЛГЫН I** 1. Канаттын чет жаккы узун бөлүгү, канат. *Жагалмай чымчыкты чалгындарына калкалап тез-тез чокуйт* (Токомбаев). *Ирмебейсиң баатыр куш, Канатыңдын чалгынын* (Калык). 2. *өт.* Тирек, жөлөк. *Акылман, алтын чалгыным, Азыркы аркам Семетей* (Токомбаев).

**ЧАЛГЫН II: көк орой чалгын** *же* **көк чалгын** Чабынды чөп, өсүп жетилип калган көк чөп. *Көк орой чалгынды көл кечкендей кечип келе жатабыз* (Убукеев). *Көк чалгынга чалдырып, Шибердүү жерге откозгон* (Тоголок Молдо).

**ЧАЛГЫН III** Душман жөнүндө же кандайдыр атайын бир башка маалыматтарды билүү максатында жүргүзүлгөн изилдөө, байкоо аракети. *Чалгынга минсе чарчабас, Канаты бар мал экен* («Эр Төштүк»). *Каныбек жанына эки жигит алып чалгынга өзү чыкты* (Жантөшев).

**ЧАЛГЫНДА** Чалгын жүргүзүү, атайын бир максат менен байкоо, изилдөө жүргүзүү. *Чалкалмакка барбаймын, Чалгындап жылкы албаймын* («Эр Табылды»). *Чабарман келип чалгындап, Таба албай кеткен чапкылап* (Осмонов).

**ЧАЛГЫНДОО** **чалгында** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛГЫНДУУ** Оттуу жер, чалгыны көп. *Чалгындуу жер.*

**ЧАЛГЫНЧЫ** Чалгынга чыгып, маалыматтар алып кайтуучу, чалгындап билүүчү, чалгын жүргүзүүчү. *Айланага сакчы коюп, шектүү тараптарга чалгынчы жиберди* (Жантөшев).

**ЧАЛГЫНЧЫЛЫК** Чалгындоо кесиби, чалгын жүргүзүүчүлүк.

**ЧАЛГЫНЫ ЖЕТИЛЕ ЭЛЕК** Жаш, баралына толо элек.

**ЧАЛГЫРТ** **чалыр** менен бирдей.

**ЧАЛГЫРТТА** **чалышта** менен бирдей.

**ЧАЛГЫРТЫ ТУРАТ КӨЗҮНДӨ** *к.* **көзүндө чалгырты бар.**

**ЧАЛГЫЧ** Аралаштырууга, суюктукка ун, талкан ж.б. сыяктууларды салып чалууга ылайыкталып жасалган кичинекей ачалуу жыгач. *Кудукка унду салыптыр, Агаласын кетирип, Чалгыч менен чалыптыр* (Тоголок Молдо).

**ЧАЛГЫЧЫ** Чалгы чабуучу, чөп чабуучу. *Чалгычы аялдар солдун аягына чейин чыгып, кайра тартышты* (Баялинов).

**ЧАЛДЫ-КУЙДУ** Баш аламан, белгилүү бир иретке салынбаган, тартипке келтирил-

беген, быт-чыт, дайны табылбаган. *Айткандары түшүнүксүз, чалды-куйду бирдеме* («Чалкан»).

**ЧАЛДЫБАР** Кандайдыр бир бүтүн нерсенин кыйрап, бүлүнгөндөгүсү, кыйрап бүлүнгөн калдыгы.

**ЧАЛДЫБАРЫ ЧЫГУУ** 1. Талкалануу, бузулуу, керектен чыгуу, тамтыгы кетүү. *Чалдыбары чыгып, күнгө какжырап эскилиги жеткен дарбазаны ачты* (Бердикеев). *Бул үй чалдыбары чыккан эски үй экен* (Б-көнбаев). 2. Эскилиги жетип айрылуу, тытылуу, дал-далы чыгуу. *Тизесин кызаңдатып, чалдыбары чыккан көйнөгү менен кирип келип, иреге жакка отура калды* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛДЫГУУ чалдык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛДЫК** 1. Кабылуу, кириптер болуу, туш келүү. *Тоозак безгек оорусуна чалдыкты* (Абдукаримов). *2.* Бир аз чалына түшүү, дуушар болуу. *Айтбайдын уулу чала-була өрткө чалдыкканы менен аман-эсен калыптыр* (Шүкүрбеков). 3. Көрүнүү, көрүнүп калуу. *Бирок алар топурашып бирөөлөрдүн көзүнө чалдыгышпасын* (Жантөшев).

**ЧАЛДЫКТЫР чалдык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛДЫР чал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛДЫРУУ чалдыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЕК** *диал.* Чок салына турган чуңкур, оюк жер.

**ЧАЛЖАКТА жалжакта** менен бирдей. *Обу жок эле чалжактай бербечи, кагылайын* (Жакиев).

**ЧАЛЖАНДА** Дайны жок эркелөө, обун таппай ар кайсыны сүйлөй берүү, жаш бала эркелегендей кыялда болуу.

**ЧАЛЖАНДАТ чалжаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЖАНДОО чалжаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛК: чалк өйдө** Бийик беттин, жантайманын тик өйдө карай кеткен багытына, бийиктикке карата колдонулат. *Элик ушул бет менен чалк өйдө салды, тайган артынан кетти* (Шимеев).

**ЧАЛКА: чалкасынан жатуу** Аркасын жерге келтирип жатуу, аркасы төмөн караган абалда болуу. *Мен чалкамдан жатып алып, чабак ура баштадым* (Шимеев).

**ЧАЛКАГАЙ** 1. Аркасына карай бир аз чалкайган, ийилгенсиген, кайкайып турган көрүнүштө болуу. *Кетмендин чалкагай ашталган сабы. Дубал чалкагай тартып, түз болбой турат.* 2. Бийик, көз кайкыта заңкайган, чалкайган көрүнүш.

**ЧАЛКАЙ** 1. Көкүрөгүн бир аз көтөрө аркасын көздөй ийиле отуруу, бир аз чалкалай түшүү. *Тайдай-Кара да чалкая олтуруп, короодой сыр аякты көтөрүп, кымыз жутуп жатты* (Сыдыкбеков). 2. Кенен, бир аз чалкак тартуу, жогору жагы кериле жыйылыңкы тартуу. *Мына чалкайган Суусамырдын маңдай-тескейи көз алдыга келди* (Каимов). *Зарыл кыздар болуп сейилге чыгышып, чалкайган төрдө жүрүптүр* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Көтөрүлүү, кекирейүү, бой көтөрүү. *Эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгенче, чалкайганга чалкайгын, төбөң көккө тийгенче* (макал).

**ЧАЛКАЙТ чалкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛКАЙЫҢКЫ** Кичине чалкагай тарткан, чалкайып турган. *Курсагы чалкайыңкы тартуу.*

**ЧАЛКАК** Кеңири, кериле созулуп жаткан айдөөш жер. *Береги чалкакта жаткан чабдар айгырдын үйрү машинаны көрөр замат дыр берип, үрккөн бойдон бетке чыга качты. Чалкактан жылкы куубасак* («Эр Табылды»).

**ЧАЛКАЛА** 1. Көкүрөгүн кере артын көздөй ийилүү, чалка жагына кериле кайкалоо. *Жумшак ордунда чалкалай отурган академик Аскарга кадимкидей көрүнөт* (Сыдыкбеков). *Лом көтөрүп чалкалап, Ташты кумдай талкалап* (Осмонкул). 2. Кайкалай тартып көрүнүү, заңкайып бийик, керилген көрүнүштө болуу. *Чалкалап зор Тянь-Шань асман мелжип, Мал жайнап жайлоодогу төр керилди* (Үмөталиев). *Чалкалаган кара тоо, Чатыраган көркүңөн* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Чиренүү, бой көтөрүү, менменсинүү, көтөрүлүү. *Чалкалап бекер жатпа, Жайсыз жерден конбогун, Шашма деген атка* (Шүкүрбеков). *Кедей барса – арыз айтып, Көргүсү келбей чалкалайт (*Барпы). *Сабырдуулук өтө керек өскөнгө, Чалкаласаң окшоп кетет көпкөнгө* (Акматалиев).

**ЧАЛКАЛАТ чалкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛКАЛОО чалкала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛКАН** 1. Жалбырактарында, сабагында денеге тийгенде тызылдатып чага турган түгү бар, отоо чөпкө кирүүчү өсүмдүк. 2. *өт.* Чагып ала тургандай, уулуу, ийне менен сайып алгандай өткүр. *Бирөө бар сырты жылма, ичи чалкан, Тил менен балкыткандын көбү жалган* (Токомбаев).

**ЧАЛКАНДАН ТҮШКҮР** Каргоо маанисинде колдонулган сөз. *Чалкандан түшкүр, мунун куйтулугу түпкө жетет бейм* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАЛКАР** Абдан чоң, мелтиреген, мемиреген. *Айланып казы кетпеген, Айдың чалкар көл кайда?* (Үсөнбаев). *Колтукташкан сулуусу, Чалкар көлдө куура окшойт* (Токомбаев).

**ЧАЛКАСЫНАН КЕТҮҮ** 1. Бир нерсеге макул болбоо, баш тартуу, айнуу. *Таш түшкөн жеринде оор деген салтка баш ийип, кетүүгө бел байлап отурган Батийна Абдыракман-*

*дын кейпин көргөндө чалкасынан кетти* (Сыдыкбеков). 2. Аркасы менен жыгылып кетүү, арка жагын карай жыгылып кетүү. *Супахан бакырып, чалкасынан кетти* (Жантөшев). 3. Чочуп кетүү, чочуп секирип кетүү.

**ЧАЛКАСЫНАН ТҮШҮҮ** Эч нерсе кылбай бош жүрүү, жыргап, чардап жүрө берүү деген мааниде. *Чалкаңардан түшүп, жыргап жата бересиңер деген эле* («Чалкан»).

**ЧАЛКАЮУ чалкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛКЕШ** *диал.* 1. Бүдөмүк, жүрөкзаада. 2. Баш аламан. *Чалкеш мезгилде моюну менен тартсын.*

**ЧАЛКУУ чалкы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛКЫ** 1. Толкугансып көйкөлүү, ойкуп-кайкып көрүнүү, кең болуп жайылып жатуу (көл, жер ж.б.) *Чалкыган көлдөн жай алган, Куулардан козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Чалкыган тегиз жер менен, Чартылдап туман жел менен* («Олжобай менен Кишимжан»). 2. Эргүү, толкундоо, ташкындоо, ашып-ташуу. *Көңүлү чалкып карт ырчы, Көзүнөн жашын ирмеди* (Бөкөнбаев). *Казнабыз, байлыгыбыз чалкыса, Элибиздин телегейи тең болор* (Осмонкул).

**ЧАЛКЫЛДА** Чайпалуудан козголуудан улам пайда болгон кыймыл-аракет. *Чаначта кымыз чалкылдап бара жатат* («Чалкан»).

**ЧАЛКЫЛДАТ чалкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛКЫЛДОО чалкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛКЫТ чалкы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛКЫШ чалкы** этишинин кош мамилеси. *Чалкышып көлдөй ырыска, чар тарабы кең өсүү.*

**ЧАЛМА I** Тоголоктошкон, кургап калган кесек топурак, ылай.

**ЧАЛМА II** 1. Ыргытып илиндирип алуу жолу менен көбүнчө азоо малды кармоо үчүн колдонулуучу илмек аркан. *Жумаш жүрөт тал укуруk сүйрөтүп, Азоолорду чалма салып үйрөтүп* (Осмонкул). *Чалма уруучу шыктуусу, Айбалта чапчу ыктуусу* («Манас»). 2. Күрөштө чалуу ыгы, ыкмасы. *Чалмасы бар.* 3. Душманды, каршылашты жыгуу, колго түшүрүү үчүн жасалган аркан. *Чалма уруучу мыктуусу* («Манас» С.К.).

**ЧАЛМА ЫРГЫТУУ** Өзүнө тартуу, жакындатуу маанисинде көз кырын салып акмалоо, байкоо. *Бой тарткан боз уландар астыртан чалма ыргытып, коңшу айылдын кыздарына көз кырларын салышат* (Абакиров). *Андан аз күн өтүп төмөнкү айылдагы бирөөнө чалма ыргытышса, Ыскактын жашын угуп айнып калыптыр* (Исмаилов).

**ЧАЛМА ЭТЕК** Оокат-тиричиликке анча жок, жыйнагы жок, жүдөө, илээнди. *Алма этекти алам деп, Чалма этектен айрылдым* (фольк.). **В.: Эндей этек.** *Түрүңө караганда бир эндей этекке жолуккансың го* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛМАКЕЙ** 1. Сүткө ж.б. суюктукка талкан ж.б. кошуп аралаштырып чалынган даам түрү. *Кымызга талкандан чалмакей кылып ичти.* 2. Чалуунун, чалып жыгуунун ыгы, ыкмасы, чалма. *Чалмакейи бар киши.* 3. *өт.* Баш аламан, иретсиз, аралаш.

**ЧАЛМАЛА** Чалма кылуу, ылайлоо.

**ЧАЛМАЛАН** Ылайлануу, киргилденүү. *Чалмаланган дарыя.*

**ЧАЛМАЛАНТ чалмалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛМАЛАНУУ чалмалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛМАЛОО чалмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛМАЧАН** Арканы бар ат кармоочу атчан киши.

**ЧАЛМАЧЫ** 1. Чалма ыргытууга, чалма салууга устат. 2. Кыйын чала турган, жакшы чалуучу, чалганга шыктуу. *Алай, Арканы басып чыккан, Арпачы чалмачы деген мен эмес белем* («САЖИ»).

**ЧАЛМАЧЫЛ чалмачы** менен бирдей.

**ЧАЛП: чалп-чалп** *же* **чалп-чулп** Суюк, ылайлуу жерди басканда чыккан дабыш. *Ашырдын өтүгүнүн таманы балчыкка чалп-чулп этип, энтеңдеп келе жатты* (Сасыкбаев).

**ЧАЛПАНДА чалпылда** менен бирдей.

**ЧАЛПОО** 1. Үркүнчөөк, азоо чалыш. *Чалпоо жылкы.* 2. *өт.* Кежир, эч кимдин тилин албаган. 3. Ооз көптүрүп сүйлөгөн, боюн көтөргөн адам. *Чалпоо жигит өз боюн, Эч адамга теңебейт* (Осмонкул). *Иш тапшырба жалкоого, Акыл айтпа чалпоого* (Токтогул).

**ЧАЛПЫЛДА** Чалп-чалп этүү, чалп-чалп эткен дабыш чыгаруу. *Чоң кисе жанда талпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

**ЧАЛПЫЛДАТ чалпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛПЫЛДОО чалпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛУУ чал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЧАЛАКТА чалчаңда** менен бирдей.

**ЧАЛЧАҢДА** Обу жок тайрактап эркелөө, жөн сүйлөбөй опсузданып эркелеп сүйлөө.

**ЧАЛЧАҢДАТ чалчаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЧАҢДОО чалчаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЧЫК** Токтоп калган ылай суу, булганч суу, чыла. *Сууну көп кечсе, чалчык болот, сөздү көп сүйлөсө, тантык болот* (макал). *Жылдырып айдап каз жаят, Чөнөкчөнөк чалчыктан* (Осмонкул).

**ЧАЛЧЫКТА** Чалчык кылуу, чалчыкка

айландыруу. *Эшиктин алдын чалчыктай берип, адам баса алгыс кылдыңар* («Ала-Тоо»).

**ЧАЛЫМ** Аралашма, башкалардан кошулган бөтөн белги. *Чалымы жок аргымак. Тартпай койбойт түбүнө, Телтору аттын чалымын* («Курманбек»).

**ЧАЛЫН чал III** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАЛЫНДЫР чалын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЫНТ чалын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЫНТУУ чалынт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫНУУ чалын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫП СҮЙЛӨӨ** Акцент менен сүйлөө, буруп сүйлөө. *Кээ учурларда кай бир сөздү кашкарлыкча чалып сүйлөгөнүң кандай* (Жантөшев).

**ЧАЛЫР** Кыйшык, көзү түз карабаган кылыр. *Түз көзүн ача, чалыр көзүн баса карап, кышылдап Керимахун отурат* (Жантөшев).

**ЧАЛЫРАЙ** Чалыр болуп калуу, чалыр кароо.

**ЧАЛЫРАЙТ чалырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЫРАКАЙ** Чалырайган, көзү чалыраак.

**ЧАЛЫРАНДА** Чалыр көз кишинин караганына окшошуп кароо, чалырайып кароо.

**ЧАЛЫРАНДОО чалыранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫРАЮУ чалырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫРТ чалыр** менен бирдей.

**ЧАЛЫРТТА** Чалырая кароо, түз карай албай көзүн чалырайтуу.

**ЧАЛЫРТТАТ чалыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЛЫРТТОО чалыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫШ I** Таза кандуу тукум менен жөнөкөй тукумдун ортосунан чыккан аргын (көбүнчө жылкы жөнүндө). *Жыгып алдың, Атакан, Тоялынын чалышын* (Токтогул). *Чалыш жылкы.*

**ЧАЛЫШ II** Окшош, сыяктуу, сымак, кебетелеш, окшоштугу бар, ошондой белгилери, өзгөчөлүгү бар. *Аргымак чалыш болсо дейм, Астыңдагы мингениң* (Токтогул). *Көйрөң чалыш кул экен, Көөсөр сымак уул экен* («Эр Табылды»).

**ЧАЛЫШ III чал** этишинин кош мамилеси.

**ЧАЛЫШТА** Буту түз шилтөөгө келбей калуу, темтеңдегендей басуу. *Акимдин буту чалыштап, теңселип бара жатат* (Сасыкбаев).

**ЧАЛЫШТОО чалышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЛЫЯР I чарыяр** менен бирдей. *Чалыяр чаркы жетпеген, Искендер изин салбаган* («Манас»). *Чар китеп окуп маани айткан, Чалыяр сөзүн даана айткан* (Токтогул).

**ЧАЛЫЯР II** *диал.* Көрдүн үстүнө коюлган молонун бир түрү.

**ЧАМА I** 1. Кандайдыр бир ишти иштөөгө жетерлик күч, кубат, дарман, ал. *Эми маган жардамчы кылбасаңар, Келбеди балбан кызга менин чамам* («Эл адабияты»). *Чапандын бүчүлүгүн чечип отурууга, Татыбектин чамасы келген жок* (Байтемиров). *Баатыр Сыргак кайран эр, Адамдан артык чамасы* («Манас»). *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар, Кем эмес, мага жетер чамабыз бар* (Осмонов). 2. Болжолдуу өлчөм, чамаланган ченем, болжол. *Күндүзгү саат эки чамалары болду* (Бейшеналиев). *Он үч – он төрт чамасындагы үч тестиер бала келе жатышты* (Жантөшев).

**ЧАМА II** Чайдын кайнатылып, даамы чыгып бүткөндөн кийинки калдыгы.

**ЧАМАДАН чемодан** менен бирдей. *Чамаданымды көтөрүп, мейманканага барып жаттым.*

**ЧАМАЛА** 1. Чамасын болжоо, болжолдоо. *Канаттан кабар берди го, Чамалап сенин алыңды* («Эр Табылды»). *Чамалап көрсө өзүнүн да сапары карый баштаптыр* (Стамов). 2. Жакындоо. *Кырктарга чамалап калган кызыл тору аял.*

**ЧАМАЛАШ I** Бирдей дээрлик, тең чамалуу, барабар, катарлаш, жакын. *Мурат атынын оозун тартып, анын Кулжандын арка жагынан ага чамалаш желдирди* (Байтемиров).

**ЧАМАЛАШ II чамала** этишинин кош мамилеси.

**ЧАМАЛОО чамала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАМАЛУУ** 1. Кандайдыр бир өлчөмгө, санга жакыныраак, болжол менен алганда кандайдыр бир өлчөмдө, санда. *Келе жаткандар он беш чамалуу* (Сыдыкбеков). 2. Анчалык эмес, орточо, көп эмес. *Кошко киргенибиз көп болгону менен, айдаган жерибиз чамалуу* (Элебаев). *Эжемдин абалы да чамалуу. Өз оокатын араң эле эптештирип жатат* (Абдукаримов).

**ЧАМАН** 1. Шалбаа, калың чөп өскөн жай. 2. Гүл айдалган, гүл отургузулган жай. *Жай сөөлөтү өзүнчө, Чаман гүлдөй эмеспи, Жаш баланын күлгөнү, Чыккан күндөй эмеспи* (Барпы). *Чаман гүлдү көпөлөктөн күнүлөп, Гүл саамайын күндө тарайт шамалы* (Байзаков).

**ЧАМАСЫ** Болжолу, сыягы. *Келин атка конгонуна ары кетсе эки жыл болгондур, чамасы ошондой көрүндү* (Убукеев). *Чамасы, жаандын басылчу түрү жок* («Ала-Тоо»).

**ЧАМБАР** 1. Алкак, тегерек. Гүл чамбар – алкак кылып өрүлгөн гүл. 2. *диал.*

Багалеги тилик, кең тери шым. *Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш чамбарды берем.* 3. *диал.* Оромо, ороломо. *Этеги чамбар көйнөк.*

**ЧАМБЫЛ** Бозомук, боз чамбыл, ылай чачырагандай түс, ботала, киргил. *Окшош жээрде кашкалар, жалаң чамбыл кашкаларга айланган* (Жантөшев).

**ЧАМБЫЛ АЛА** Ботала, абдан кир, булганч, таза эмес. *Баары тең чамбыл ала болуп жүдөп, кыйналып иштеп жатышат* (Сасыкбаев). *Үсту-баштары чамбыл ала болгон жумушчулар жерде отурушту* (Сасыкбаев).

**ЧАМГАРАК** Түндүккө каршы-терши сайылуучу, ийилип жасалган ичкерээк, узун жалпак жыгачтар. *Коломтодогу чала күйгөн чычаланын көк түтүнү созулуп чамгарактан чыгып жатат* (Баялинов).

**ЧАМГАРАК ЭЭСИ** Үйдүн ээси. *Чамгарак ээси зайыбын тиктеди эле, зайыбы жүк бурчунда даярдап турган эки чапанды алып келди. Чамгарак ээси өзү туруп, эки чапанды эки жолоочунун ийнине салды* (Касымбеков).

**ЧАМГАРАКТА** 1. Өйдө көтөрүлүп булгалактоо. *Куйругу чамгарактаган Бөрүбасарын ээрчитип, койчу койду жайып жөнөдү* (Абдумомунов). 2. *өт.* Чакчырылуу, көтөрүлүү. *Какелей чамгарактап Керезге атырылды* (Бейшеналиев).

**ЧАМГАРАКТАТ чамгаракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАМГАРАКТОО чамгаракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАМГАРАКТЫ КАРА** Абайла, байка, бул бөтөн жер, чоочун жер экенин эсиңе ал деген мааниде колдонулат. *Чамгаракты карап, чактап сүйлө дегенсип, астыртан зекип койду* («Чалкан»). **В.: Түндүктү кара.** *Балам, көп тентек кылба, түндүктү кара, – деди чоң атам* («Ала-Тоо»).

**ЧАМГЫР** Түбү тоголок болуп баш ала турган жашылча өсүмдүк.

**ЧАМДА** Ылдамдоо, ыкчамдоо, тездөө, шашуу, шашылуу. *Кетмен чаап жаркырап, Чамдагыла колхоздо* (Барпы). *Чамдагыла, эртең да күн ачык болот экен* (Сыдыкбеков).

**ЧАМДАН чамда** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАМДАНУУ чамдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАМДАТ чамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАМДОО чамда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАМПА** Кол менен чапкылап жасалган уйдун тезеги, жампа.

**ЧАМПАЛА** Чампа кылуу, чапкылап, жампа түрүнө келтирүү.

**ЧАМПАЛАН чампала** этишинин өздүк мамилеси. *Чампаланган тезектер.*

**ЧАМПАЛАТ чампала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАМПАЛАШ чампала** этишинин кош мамилеси.

**ЧАМПАЛОО чампала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАМПАН** 1. Тил билбеген адам. *Сен тил билбеген чампан экенсиң. Тил билбеген чампан.* 2. *аңч.* Эски мылтык.

**ЧАМЫН** 1. Жулунуу, жулкунуу, атырылуу. *Күүлөнүп тулпар чамынат, Күбүрдөй көбүк жамынат* (Токомбаев). *Ак жолборстой чамынып, Айкырып атка мингенде* («Манас»). *Кадамки тентек Терек суу, Капчыгай жарат чамынып* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Алга умтулуу, тездик менен алга жылуу. *Маданий ишти колго алып, Дагы жаштар чамынып* (Турусбеков). 3. Камынуу, даярдануу.

**ЧАМЫНДЫ** Жыгачты кескенде, чапканда же жонгондо түшкөн майда бөлүкчөлөр. *Уста балтаны чапкан сайын чамындылар анын тегерегине ак ала болуп толо берди* (Байтемиров).

**ЧАМЫНТ чамын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАМЫНУУ чамын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАН I** Кылычтын, канжардын сабы.

**ЧАН II** Теңсинбөө, өзүнө тең деп эсептебөө, өзүнөн төмөн саноо, кемсинтүү. *Кыз алган жарды жаман деп, Акылың болсо чанбагын* (Токтогул). *Күздү чанып, жөнөйсүңөр шашылып, Жерлерди издеп жагымталдуу жазы бар* (Самудинов).

**ЧАНА I** Кардын же муздун үстү менен жылгаяктатып сүйрөп жүрө турган жалпак тамандуу жүк ташуучу же киши түшүп алуучу унаа каражаты жана ушунун балдар ойной турган кичирээги. *Чанага түшүү. Чана менен отун тартуу. Чана менен жылгаяк тебүү. Жомогу анын жашыл жазга арналган, Карда калган чана изиндей эң узак* (Самудинов).

**ЧАНА II** Топуракты казуу, жукалай, кертип чабуу, чаап казуу.

**ЧАНАК** 1. Көздүн чарасы. *Темирдин көз чанагы жашка толо түштү* (Жантөшев). 2. Өсүмдүктүн буласын каптап турган кутуча, кабыкча. *Пахтаны терсең таза тер, Чанакта чала калбасын* (Барпы).

**ЧАНАКТА** *диал.* 1. Буурчактын ж.б. чанактарын ажыратуу, чыгаруу. 2. Бир нерсени майдалап талкалоо.

**ЧАНАКЧЫ** *диал.* Пахтаны таза тердирип жыйнаткан киши.

**ЧАНАЧ** Кымыз, айран сыяктуу суюктуктарды куюп алып жүрүү үчүн колдонулуучу эчкинин туюк союлган терисинен жасалган идиш. *Чаначка кымыз куюшуп, Жалпы отуруп баарысы кызымтал болуп сүйлөшүп* («Казыбек»). *Идиш жок, кымызды чаначтан эле жутушту* (Токомбаев).

**ЧАНАЧТА** Чанач менен, чаначка куюп ташуу, алып баруу ж.б.

**ЧАНДА** Анда-санда, бирин-серин, сейрек. *Кулжандай кыз чанда чыгат* (Байтемиров). *Деги, чанда бири-бири болбосо, Карпыктыкына эл көп барчу да эмес* (Элебаев).

**ЧАНДАЙ I** Курсагы бөтөнчө чоң көрүнүштө, көбүнкү көрүнүштө болуу. *Деп Базарбай Түкүйгө, Чандайып турат мактанып* (Үмөталиев). *Өлгүдөй тоюп чандайып, Жоо сайгансып дардайып* (Шүкүрбеков).

**ЧАНДАЙ II** *диал.* Ордо оюнунда ичке түшүп, абалакка жетпей калган учур. *Чандай болдуң, жыдыдың.*

**ЧАНДАЙТ чандай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАНДАЯК** *к.* **чаңдуу аяк.**

**ЧАНДЫЙ чандай** менен бирдей.

**ЧАНДЫК** *диал.* Гүлдүн чаңдаша турган майда желекчеси.

**ЧАНДЫР I** Ичтин санга жакын төмөнкү бөлүгү. *Атымды улам-улам чандырга чапкылап коём* («Ала-Тоо»).

**ЧАНДЫР II** Бирөөгө (көбүнчө эркек аялга, же аял эркекке) тең боло албай калуу, көңүлүнө толбой калуу, жакпай калуу. – *Сабырбек, сен кызга чандырсаң, анда мен деги эле жакындаганды койдум* (Сыдыкбеков). *Сенчилеп мен ургаачыга чандырып ийипминби* («Ала-Тоо»).

**ЧАНДЫРЛА** Чандырдан ала бастыра тартып, ээрдин эки капталынын аяк жагы менен бириктире байлоо.

**ЧАНДЫРЛОО чандырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАНЖЫ** Апийим кыргыч, темир калак. *Чалкалап күндү карап коюп, калпагын ошол жакка баса кийип, чанжыны кыйкаңдатып бир-эки шилтеп алат* (Элебаев).

**ЧАНОО чана** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАНТУУ** Эпостордо: селдечен, селде оронуучу; мусулман. *Чантуудан катын туубайбы, Чантуудан катын тууду деп, Мен чаң салсам кудай урбайбы* («Манас»). *Пашаалыктай мал сойгон, Жакып чантуу кандай март* («Манас»).

**ЧАНУУ чан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАНЧ** Саюу, сайгылашуу. *Ар бир эчкинин өлүмү жаныма ийне чанчкандай батат* (Элебаев).

**ЧАНЧКАК** Белди же дененин башка мүчөлөрүн сыздатып, сайгылаштырып ооруутуучу оору.

**ЧАНЧУУ чанч** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАНЧУУЛА** Жанга тиерлик, жанды кашайта турган сөз айтуу. *Чанчуулаган кебиңди кой.*

**ЧАҢ I** 1. Аба менен көтөрүлүүчү же кандайдыр бир нерсенин үстүнкү бетине ылдам жугуучу жеңил, кургак, эң майда тозоң. *Таштап кеткен буюмдардын чаңын күүп, Тапкым келет ар бирин өз ордунан...* (Акматбекова). *Бүгүн эртең менен күн жаап басылгандыктан, Оштун көчөлөрүндө буркурап көтөрүлгөн чаң жок* (Жантөшев). *Токтой калып, костюмунун чаңын күбүндү* (Сыдыкбеков). *Чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан* (макал). 2. *бот.* Уруk байлоочу өсүмдүктөрдүн тукумдашуучу тозоңу.

**ЧАҢ II: чаң-чуң** Урушканда, тилдешкенде ж.б. чыккан ачуу үндү билдирүү үчүн колдонулат. *Дагы ары жактан чаң-чуң эткен үн чыкты* (Байтемиров).

**ЧАҢ ЖУГУЗБОО** 1. Абдан кадырлап, бапестеп багуу, өтө аяр мамиле жасоо, ыйык тутуу. *Күнү бүгүнкүгө дейре чаң жугузбай, эч жанга тийгизбей бапестеген арча бешигибиз бар эмеспи* (Бейшеналиев). *Чаң жугузбай бөпөлөп, кулуктөрдөй таптады* (Осмонкул). *Сабыр оюнда чоң атасына чаң жугузгусу келбейт* (Жусупов). *Жакшыга жаман айтып кордойсуңар, Жаманга чаң жугузбай бордойсуңар* («Чалкан»). 2. Эч кандай айыбы жок, бардык жагынан мыкты деп көрсөтүү, кеп-сөз тийгизбей көтөрө чалып мактай берүү. *Өздөрүнө чаң жугузбай ак, таза киши болуп, башкаларды ушактап, каралашчу* (Абдукаимов). *Сен ага чаң жугузгуң келбейт, ал болсо аныңды түшүнбөгөнүнө күйөм* (Тойбаев). *Эрим билет, Асек эмне десе ошо болот, – деп жуутпайт, күйөөсүнө чаң жугузбайт* (Борбиев). *Жылдызканга чаң жугузбай жан тарткан ушул өзүм эмес белем* (Байтемиров).

**ЧАҢ ЖУКПАС** Өзүнө сөз тийгизбеген, ар кандай айла, амалдар менен кутулуп кетүүгө маш, амалкөй, куу. *Андай чаң жукпастан баарын күтүүгө болот, – деп ачуусу келди.* **В.: Суу жукпас.** *Бул суу жукпас кайдан жетип келе калды эле* («Чалкан»).

**ЧАҢ САЛУУ** Дүрбөлөң түшүрүү, бүлүк салуу, чуу салуу, чуу түшүрүү. *Жаалы келип Табылды, Кайта кирди чаң салып* («Эр Табылды»). *Айтолкун чаң салганын токтотуп, мурункудай тынч* (Каимов).

**ЧАҢ ТИЙБЕС** Байгеге кошкондо эң биринчи келген, башка аттардын артында калып, алардын чаңы денесине жукпаган күлүк. *Эрдин кунуна баш кылып, чаң тийбестен тартуу алып келди* (Эл сөзү). *Улуттук маданий чөйрөсүндө Абдылдажан сыяктуу терең ойчул, тынбаган эмгекчил, чаң тийбеген таза пейил инсандарыбызды биз тагдырдын буйругу деп сыймыктанып билишибиз зарыл* (Айтматов).

**ЧАҢ-ТОПОЛОҢ БОЛУУ** Дүрбөлөң түшүү, чакчелекей, баш аламан болуу. *Басмачылардын арасы өз ара чаң-тополоң болду* (Жантөшев). *Айыл ичи бир заматта чаң-тополоң болду да калды* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Чаң-тополоң түшүү.** *Акыркы сөздү*

*укканда дүйнөгө чаң-тополоң түшкөндөй келин бүргөдөй атып асманга серпиле түшкөнсүдү* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАҢ-ТОПОЛОҢ** Дүрбөлөң, чакчелекей, баш аламан. *Чаң-тополоң болушуп, Тартынбастан согушуп* («Манас»).

**ЧАҢГА ИЛЭЭШПЕЙ КАЛУУ** *же* **илээшпей калуу** 1. Тең келбей калуу, тең болбоо. 2. Абдан алыс калуу, артта калуу.

**ЧАҢГА ИЛЭЭШПӨӨ** Өтө тез, ылдам, көзгө илинбегендей кыймылда болуу. *Заматта чаңга илээшпей чымын-куюн болуп жоголду* («Ала-Тоо»).

**ЧАҢГЫ** *эск.* Калың кардын үстү менен басып жүрүү үчүн жасалган нерсе. Аны үч бурч кылып, сым менен чырмап жасаган. *Бардык макулуктан адам баласы артыкча чыгыптыр. Кар бетинде чаңгы тээп, суу бетинде кайык айдап, өнөрү өсүптүр* (Айтматов).

**ЧАҢГЫЛ** Ачык түстө эмес, киргил, бозомук киргил. *Бийиктеги чаңгыл тумандан сызылып өткөн айдын алсыз нуру* (Токомбаев). *Сүлүктү тоолору боз чаңгыл болуп тунжурап турган* (Сасыкбаев).

**ЧАҢГЫЛДАН** Чаңгыл түскө кирүү, чаңгыл болуу. *Темир устакана цехи боз чаңгылданып, ширенди жыттанып, калдыркүлдүр этет* (Сасыкбаев).

**ЧАҢГЫЛДАНТ** **чаңгылдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢГЫЛДАНУУ** **чаңгылдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢГЫЛТ** **чаңгыл** менен бирдей.

**ЧАҢГЫТ** Бозомук, суюк киргил, боз, өңү бир аз гана бурулган. *Эртең менен чаңгыт жарма жасап ичип отурабыз* (Элебаев).

**ЧАҢДА** 1. Чаң көтөрүлүү, чаң чыгуу. *Көптөн бери күн жаабай, чаңдап жатуучу жолдор жаанга жуурулду* (Байтемиров). 2. *өт.* Чаң салуу, чуу түшүрүү. *Ал кезде көзүмө эч нерсе көрүнбөй, чаңдап жүргөн учурум тура* (Байтемиров).

**ЧАҢДААК** **чаңдак** менен бирдей.

**ЧАҢДАК** Чаңдуу, чаңы көп, чаңы чыгып, чаңдап турма. *Чаңдак жол. Чаңдак жер.*

**ЧАҢДАТ** 1. **чаңда** этишинин аркылуу мамилеси. 2. **чаңдаштыр** менен бирдей.

**ЧАҢДАТУУ** **чаңдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢДАШ** *бот.* Аарылар же шамал аркылуу өсүмдүктөр чаңдарын (уруктук тозоңун) жугузуп уруктaшуу. *Алма-өрүктөр чаңдашып, мөмөлүү болуусуна аарылардын ролу чоң.*

**ЧАҢДАШТЫР** **чаңдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢДАШУУ** **чаңдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢДУУ** Чаңы көп, чаңы бар, чаң баскан. *Кампанын чаңдуу деми өпкөнү кысат* (Айтматов). *Чаңдуу чөлдө сейрек коён болчу эле, Чыктуу чөпкө буйру чыга тойбогон* (Токомбаев).

**ЧАҢДУУ АЯК** 1. Абдан тентек, тынчы жок, шок (көбүнчө балдарга карата). 2. Аягы сай таппаган, бир жерге тынч алып тура албаган, жүргөн жери чуулгандуу. *Эң эле чаңдуу аяк жигит көрүнөт, абайлачы, – деди жеңем мага.*

**ЧАҢК** Катуу нерсе металлга тийген сыяктуу чыккан кыска, ачуу дабышты билдирүүдө колдонулат.

**ЧАҢКА** 1. Суусоо, абдан суусоо. *Кычандын тили оозуна батпай кургап, чаңкап чыкты* (Бейшеналиев). *Чаңкаганда суусун кандыруучу булагымсың* (Стамов). 2. *өт.* Эңсөө. *Мукай илим-билим деп чаңкаган кыргыз жаштарынын, тилегин, ой-пикирин айткан* (Элебаев). *Чаңдууну жууп, чаңкаганды кандырып, Жалгыз жар, жарык болсо муңдуугa* (Акматбекова).

**ЧАҢКАЙ I** Тунук, таза, даана. *Чаңкай түш.*

**ЧАҢКАЙ II** Ачык болуу, айкын көрүнүштө болуу. *Түш ченде көл уюлгуган кара булуттай дүңкүйсө, бара-бара көзгө үйүр тартып көгүлтүр чаңкайып ачылууда* (Бейшеналиев).

**ЧАҢКАН** *диал.* Чылк. Бир өңчөй. *Коюң чаңкан кара.*

**ЧАҢКАТ** **чаңка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢКАЮУ** **чаңкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢКОО** **чаңка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢКЫЙ** **чаңкай** менен бирдей.

**ЧАҢКЫЛДА** 1. Чаңк-чаңк эткен дабыш чыгаруу. *Акбар чаңкылдаган балканын үнүн улап устаканага кирди* (Убукеев). 2. Кулакка жагымсыз чаңк-чаңк эткен ачуу үн чыгаруу. *Сен эмне чаңкылдайсың?* («Ала-Тоо»). *Кандайдыр бир жерде чаңкылдап күчүк үрүп жатат* («Ала-Тоо»).

**ЧАҢКЫЛДАК** Үнү чаңк-чаңк деп ачуу чыккан адамга же айбанаттарга (көбүнчө иттерге) карата колдонулат.

**ЧАҢКЫЛДАТ** **чаңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢКЫЛДОО** **чаңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢЫЛДА** Чаң-чаң эткен ачуу үн чыгаруу.

**ЧАҢЫЛДАТ** **чаңылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢЫЛДОО** **чаңылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢЫН АСМАНГА ЧЫГАРУУ** Ташын талкан кылуу, чакчелекей түшүрүү, кыйратуу, талкалоо, жок кылуу. *Алыска атар замбиректер душман позициясынын чаңын асманга чыгара баштады* (Абдукаимов). *Ак гвардиячылардын чаңын асманга чыгарыш-*

*кан* (Бектенов). *Айтор, айылдын чаңы асманга эле чыгып калды* (Осмоналиев). **В.: Чаңын асманга сапыруу.** *Эми алардын чаңын асманга сапырбаганда эмне кылат* (Саатов).

**ЧАҢЫР** 1. Үнүн ачуу чыгаруу, үнүн ачуу чыгарып айкыруу, кыйкыруу, бакыруу. *Безилдеп кез-кез, ачуу-ачуу чаңыргандай болсо, кыштакты башына көтөрөт* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Катуулоо, күчөө, катуу боло баштоо. *Ышкырып шамал чаңырды, Каарын төгүп чамынды* (Осмонкул).

**ЧАҢЫРТ чаңыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢЫРУУ чаңыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАҢЫРЫК** Ачуу чыккан кыйкырык, бакырык, чаңырган айкырык. *Ал Мамбеткул чаңырыкты улап, ылдамдай басты* (Каимов). – *Биздин Акия чаңырыкты салганда кулагымдын тарсылдагы жарылып кетерине аз калды* (Сыдыкбеков).

**ЧАҢЫРЫП КАЛУУ** Өтө ачып кетүү, эң ачуу, кычкыл болуп калуу. *Бүгүн кымызыңыз чаңырып калыптыр го, жеңе, – деди жигит* («Ала-Тоо»).

**ЧАҢЫТ I** Бозомук, киргил суюк, чаңгыт. *Чаңыт жарма.*

**ЧАҢЫТ II** Чаңдатуу. *Араба кампаны көздөй жолду чаңыта жөнөп кетти* (Абдукаримов).

**ЧАҢЫТТА** Бозомук тартуу, суйдаң тартып боз түшкөндөй көрүнүү, чаңыт көрүнүштө болуу.

**ЧАҢЫТТАЛ чаңытта** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАҢЫТТАТ чаңытта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАҢЫТТОО чаңытта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАП I** 1. Колго кармаган кандайдыр бир нерсе менен шилтөө, шилтеп жиберүү, шилтей уруу, коюп калуу. *Чаппаса билекте калат, айтпаса жүрөктө калат* (макал). *Чын эсебин табайын, Чыркыратып бул таздын, Башын кыя чабайын* («Эр Төштүк»). – *Батыш өгүздү отун таңган жиптин учу менен тумшукка чапты.* (Байтемиров). 2. Чабуул жасап бүлүк салуу, бүлгүнгө түшүрүү, чабуул салып олжо алуу. *Уулап жүрүп жайлоодон, Калган элди чапты дейт* («Семетей»). 3. Шилтөө аркылуу кыюу, кесүү. *Чөп чапты. Эгин чапты.* 4. Бетине металл орнотуу, баалуу металл орнотуп, кооздоо, каптоо. *Күмүш чапкан куюшкан, Жүгөн сатты кайран эл* (Шайбеков).

**ЧАП II** 1. Атчан катуу жүрүү, атты катуу чуркатуу. *Аксакал алчыланып ылдый чапты, Найзаны оң колтукка таамайлатты* (Маликов). *Мусабек арабаларды жандай чаап келе жатат* (Сасыкбаев). 2. Алга умтулуу, илгерилөө, алга жөнөө. *Өнөрүң болсо өргө чап, Эмгегиң менен элге жак!* (Токтогул). 2. *өт.* Бир жакка тез барып келүүгө жумшоо.

**ЧАП III** 1. Ичтин төмөн жагы менен сандын кошулушкан жериндеги жука, такыр жери (көбүнчө малга карата). *Карышкырга бир бээсинин чабын жардырып, Чымыр да Чаар-Ала-Таш менен кош айтышты* (Жантөшев). 2. Чөп чыкпай турган же чыкса да сейрек чыга турган тоонун боору, жантайма бет. *Таманы эшилген кызыл кумдуу тар сай, эки жагы кемерленген боз чап* (Касымбеков). 3. *диал.* Жаңыдан гана көрпөсү чыгып келе жаткан козунун териси. *Жаман иттин аты – Бөрүбасар, Бөрүбасарыңа чапты ыргыт.*

**ЧАП IV** Дароо, өтө тездик менен абдан шамдагайлык менен (мис. умтулуу, кармоо ж.б.) *Дарыяхан Эркинди чап көтөрүп ала коюп, эки көзүнөн өптү* (Жантөшев). – *О, кокуй, карылык! – деп, кейип койду да, карыя чап эле атты жылоолоду* (Касымбеков).

**ЧАП ЖААК** Бети субагай тартып, арык чырай келген. *Чап жаак, күрөң китилчен, кара тору жигит ооз ачканда эле орусча куюлуштуруп, таза сүйлөдү* (Ашымбаев). *Чап жаак, кара сур, шыңга бойлуу, сылык жигитке Байымбет таазим эте колун сунду* (Бейшеналиев).

**ЧАП КЕНЕДЕЙ ЖАБЫШУУ** Бирөөгө абдан асылуу, андан ажырабоо, артынан калбоо (көбүнчө бир нерсеге кызыгуу, бир нерселерди суроо, сурап алуу маанисине карата). *Балкондогу бүркүттү көргөн сүрөтчү сат деп эпилдеп-жепилдеп, чап кенедей жабышкан эле* (Борбуев). *Кокустан бирөө бир кызыктуу окуяны айта калса, ага чап кенедей жабышып, аны кайсы жерден окудуң дейм* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАП ОЛОҢ** Арткы басмайыл (жука чурайга бекем тартылат). *Чап олоңун бек тартып.* («Семетей» С.К.).

**ЧАПАЙ** *диал.* Жайлоо жерге чыга турган өсүмдүк.

**ЧАПАКТА** Колду же канатты (канаттууларда) бири-бирине ургулоо (күүлөө). *Өрдөктөр канаттарын чапактайт.*

**ЧАПАН** Көбүнчө этеги тизеден ылдый, узунураак тигилген жылуу сырт кийим. *Чапанды жакасынан киет* (макал). *Эшикти шарт ачып, чапанын желбегей жамынган Сурмаш чыга келди* (Жантөшев).

**ЧАПАНЧАН** Чапаны бар, чапан кийген.

**ЧАПАНЫНДЫ СЫЙРЫП АЛМАК БЕЛЕ** Андан эч нерсе болбойт, коркпой эле кой, бара бер же айта бер деген сыяктуу бирөөнү чечкиндүү болуу, кылчактабоо, тартынбоого үндөө маанисинде колдонулат. *Сенин чапаныңды сыйрып алмак беле? Кирип айтуучу оюңду айта бер, – деп отургандар мени жаалай кетишти* (Бейшеналиев). **В.: Чапанын чечип алмак беле?** *Анын чапанын чечип алмак беле? Бара берсин.*

**ЧАПАР** *диал.* 1. Майда тал, караган, камыштан токулган кашаа, дубал. *Захмед ал-Хамиси айланта бийик чапар курулган узун далистүү жалпак тамда турат экен.* (Даникеев). 2. Мала.

**ЧАПДЕС** Мүнөзү жеңил, чыдамы жок киши.

**ЧАПДЕСТИК** Жеңилдик, чыдамсыздык. *Сенин чапдестигиңден уятка калдым.*

**ЧАПЕЗЕК** Эрте быша турган. *Эрте бышчу алманы ташкендиктер чапезек алма деп коёт* (Мавлянов).

**ЧАПКАН САЙЫН КӨЗ ЧЫКПАС** Кырсык кайра-кайра кайталана бербес. *Чапкан сайын көз чыгып, көтөргөн сайын кол сына бербес* (Жантөшев). – *Чапкан сайын көз чыга бербес, баатыр!* (Осмоналиев).

**ЧАПКИЛ** Ичтен өлүк түшкөн чаарчыктын, козунун териси. *Биздей каракесек муну эшиткенде эмне майнап? – деп карт мерген башындагы чаарчыктын чапкил жылбырскысынан үч эли кылып кырдалган телпегин чекесинен желкесине жылдыра маңдайын сылады* (Абакиров).

**ЧАПКЫ** **чалгы** менен бирдей.

**ЧАПКЫЛА** 1. Шашылуу, ары-бери чаап, шашылган абалда болуу, тез жүрүү. 2. Кайра-кайра уруу, чабуу.

**ЧАПКЫН** 1. Башка элге, урууга ж.б. кол салып чаап алуучулук, кыргын салышкан чабыш. *Жыйнасам деген нээтим бар, Кыргын-чапкын көп көрүп Кыйрынан азган элимди* («Манас»). 2. Чаба жааган жамгырлуу же кардуу бороон. *Ойдо жок катуу шамал менен бирге кар боройлоп жаап, алдыдан утуру чапкын башталды* (Жантөшев).

**ЧАПКЫНДА** Катуулап чаба жаай баштоо, удургуп, күчөп жаай баштоо (көбүнчө кар, жаан жөнүндө). *Ойдо жок катуу шамал менен бирге кар боройлоп жаап, алдыдан утуру чапкындай баштады (*Жантөшев). *Шамал катуулап, жаан чапкындай баштады* (Жантөшев).

**ЧАПКЫНДОО** **чапкында** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАПКЫНЧЫ** Кол салып, чаап алуучу, чапкынга, чаап алууга катышуучу.

**ЧАПКЫНЧЫЛЫК** Чаап алуучулук, чаап, тоноп алуучулук, жоокерчилик.

**ЧАПКЫЧ** *диал.* Балтанын бир түрү.

**ЧАПМА ЖОРГО** Катуу чаап жөнөгөндө да жорголугунан жазбаган, чапкан атка барабар жүрүштүү жорго.

**ЧАПМА** Кандалып, чабылып жасалган нерсе (мис. чапма кашык).

**ЧАПМАЙ** *диал.* 1. Ордо оюнунда чүкө чертүүдө колдонула турган ыктын бир түрү. 2. *диал.* Көздү таңып алып, кандайдыр бир нерсени чаап ойногон оюн. *Жумуртка чапмайды күндүз ойношот.*

**ЧАПТА** 1. Бүтөө, бекитүү, бүтөп таштоо. *Чаптаган ок. 2.* Жабыштыруу. *Талгат кээсин кайчы менен кесип алып, альбомуна чаптап жатат.*

**ЧАПТАЛ** **чапта** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАПТАЛУУ** 1. Чаптап бекитилген, чапталган. *Патрон ташта чапталуу он эки жез бар* (Сыдыкбеков). 2. Жабыштыруу, жабыштырылган. *Аттуу киши алик алды да, чөнтөгүнөн чапталуу конверт алып Алыбекке сунду* (Жантөшев).

**ЧАПТАТ** **чапта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАПТАШ** **чапта** этишинин кош мамилеси.

**ЧАПТОО** **чапта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАПТЫК** Ачуулануу, каардануу, кыжыр келүү.

**ЧАПТЫР** **чап** этиштеринин аркылуу мамилеси.

**ЧАПЧАК** Туптуура, туура келген. *Пальтосу өзүнө чапчак.*

**ЧАПЧАҢ** 1. Шамдагай, тез, ылдам (кыймыл-аракет жөнүндө). *Берки үчөө ителгидей жетти чапчаң, фашисттер айрылгандай акылынан* (Үмөталиев). *Анархан өзү дагы чапчаң терет, Күнүнө жүз он кило терип берет* (Үмөталиев). 2. Тез кызууланып кете турган, кыялы чукул, кызуу кандуу. *Кыялы чапчаң. Чапчаң мүнөз.*

**ЧАПЧАҢДЫК** 1. Шамдагайлык, ылдамдык, тездик. *Алымкул куржунду алып, чапчаңдык менен ийнине салды* (Абдукаримов). 2. Тез кызууланып кетүүчүлүк, кызуу кандуулук. *Чапчаңдык түпкө жетет бейм* («Манас»).

**ЧАПЧУУ** **чапчы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАПЧУУР** Эт оодарыш үчүн жасалган учтуу шиштери бар курал, чеңгел. *Топоздун сары майы тоңгон чапчуур, чий көбүк алган чыпкаларды Салтанат эжем эксөөлөп жууп жаттык.*

**ЧАПЧЫ** 1. Айтышуу, беттен алуу. 2. Апчып алуу, апчып кармоо, аткып кармоо. *Темир сол колунун карысын оң колу менен чапчып, сендиректей түштү* (Жантөшев). 3. Эки астыңкы буту менен жерди апчый тартуу (көбүнчө жылкыга карата). *Бээ баласын чапчыса да, берт кылбайт* (макал). *Акжал жер чапчып ооздугун качырата чайнап, кермеде турат* (Жантөшев).

**ЧАПЧЫЛА** Кайра-кайра чапчый берүү. *Сууткан ат жер чапчылап турат.*

**ЧАПЧЫМА** *диал.* 1. Куму эшилип турган бел. 2. Оргуштап, албууттанып аккан суу.

**ЧАПЧЫТ** **чапчы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАПЧЫШ** **чапчы** этишинин кош мамилеси.

**ЧАПЫЛДАТ** Чап-чап эттирүү, чап-чап эткен дабыш чыгаруу.

**ЧАПЫРАШТЫ** *диал.* Аралаш, башаламан. *Чапырашты эле той бердим.*

**ЧАПЫСНАЙ** *диал.* Козунун жүнү көрпөгө жете элек учур.

**ЧАР I** Дан эгиндеринин учкуну. *Кырмандын четинде буудайдын азыраак чары чогулбай жатат* (Жантөшев).

**ЧАР II** Көбүнчө ысык металлдарга суу тийүүдөн чыккан дабышты же кандайдыр бир кулакка жагымсыз ачуу чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Бир кезде, кыпчууру кызарып кетти эле, карыя уста тепшидеги сууга чар эттире малды* (Убукеев).

**ЧАР ИРИК** Төрт жашар же төрттөн ашкан ирик. *Келишкен бир ат, элүү чар ирик* (Токомбаев).

**ЧАР КАРГА** Таан сыяктуу кичирээк карга.

**ЧАР КӨПӨЛӨК АЙЛАНУУ** 1. Абдан тез, өтө тездик менен учуп-күйүп чимирилүү, тегеренүү, чимирик болуу. *Бирде буттарын ылдамдатып, жерди таптап тез-тез басып чар көпөлөк айланып, бирде Ысык-Көлдүн толкунундай толкушту* (Баялинов). *Күрүчбек билегимден кармап, чар көпөлөк айланып, каткырып жүрөт.* 2. Тим эле чимирик болуп жан алакетке түшүү, жанынын бардыгынча аракеттенүү, жан бүдөгө келүү. *Сенин айланаңда чар көпөлөк айланып жүргөнүн көрсөк сонун болор эле* (Каимов). *Ошон үчүн бакан оордун жанында врач чар көпөлөк айланып, жан алакетке түшүп жүрөт* (Бектенов). **В.: Чарк айлануу.** *Эзеф күйпөлөктөп, бирде топурак ыргытып, бирде аялдарды чарк айлана чуркап жүргөнүн Ашырбек аңдап калды* (Ашымбаев). *Өзү айыптуу болгондуктан эми өз азабын өзү тартып, чарк айланып, алапайын таба албай турду* (Абдукаимов). **Чарк көпөлөк айлануу.** *Федя менен Феня чарк көпөлөк айланып, ийиктей имерилип бийлеп жүрүшөт* (Баялинов). – *Өх, кайран жаным, чарк көпөлөк айланганым ай, адамдын баркын билбес жамандарга* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАР ТАРАБЫ КЫБЫЛА** *к.* **төрт тарабы кыбыла.**

**ЧАР ТАРАП** Айлана-чөйрө, тегерек, туш-тарап. Төрт тарап, төрт жак. *Көрөгөн каган бириктирген төрт бурчу чар тарап болгондо* (Абакиров). *Тоголок Молдо жапырак талдын капталындагы жашыл дөбөдөн чар тарапка көз чалкытып оюн электөөдө* (Бейшеналиев).

**ЧАР ТАРАПКА** Төрт тарапка, төрт жакка. *Чар тарапка чаптырып, Таластан бери кол жыйып* («Эл адабияты»).

**ЧАР ТЕКЕ** *аңч.* Картаң теке.

**ЧАР УЧКАНДАЙ** Баш аламан, иретсиз, чаржайыт. *Кабар бактагыларга чар учкандай тарады* (Борбиев).

**ЧАРА I** 1. Тамак-аш салуу же куюу үчүн колдонулуучу ар кандай металлдардан жасалган, ооз жагы жайык келген тегерек чуңкур идиш. *Казандагы эт булоолонуп чарага түшкөн учурда, бирөө туруп кол жуудура баштады* (Убукеев). 2. Казанактын (мүрзөдө) ооз жагындагы чуңкур. 3. *аңч.* Капкандын бардык тетиктерин бириктирип турган эң астыңкы тегереги. 4. Комуз менен кыл кыяктын арткы тегерек оюгу. 5. *диал.* Ээрдин көчүк жагы.

**ЧАРА II** 1. Кандайдыр бир нерсени иш жүзүнө ашыруу максатында жүргүзүлгөн аракет. *Кызматкерлер менен ишти алдыга жүргүзүү боюнча чаралар көрүлдү* («Аалам»). *Кырсыктан сактануунун биринчи чарасы койду ылаңдан сактоо* (Жантөшев). *Жибересиң эле! Антпөөгө чараң да жок* (Жакиев). 2. Жаза. *Эмгектен качкандарга чара колдонуу керек* («Агым»). *Эки жолу жыйналышка коюп чара колдонгон* (Байтемиров). 3. Амал, айла, арга. *Аман-эсен калыш үчүн бир гана чара таптык* (Жантөшев). *Чыныгүлдүн ишенбеске чарасы барбы?* (Жантөшев).

**ЧАРА ДА МАЙ, ООЗ ДА МАЙ** Бир нерсеге аябай карк болгон, ашып-ташып жайнап турган деген мааниде. *Андай күн кайда аксакал менин чарамды көрсөңүз, чара да май, ооз да май болуп, эки койдун эсеби табылбайт беле?* (Кыргызстан маданияты»).

**ЧАРА ЖОК** Айла жок, колдон келбей турган, мүмкүн эмес. *Моюн сунбаска, көнбөскө чара жок, оолактаганынан оолактап, ажырачусунан ажырап калат* (Исмаилов). *Чындыктын даамы ачуу келет. Ишенбеске чараң жок* (Стамов).**В.: Чарасы калбоо.** *«Э-э, үргүлөп жаткан жолборско катылган башым, келип ачкарак сары мышыктын куу чеңгелине кабылдым» – деп, сыйпаларга чарасы калбай, өзөгү сыздады* (Касымбеков).

**ЧАРАБЖАЛ** 1. Шибеге, устара, искек сыяктуу куралдар. *Боз кисенин жанында Булгаарыдан кылабдан. Анын ичи толтура, Тырмак алчу чарабжал* (Чоробаев). 2. Ушундай нерселер салынуучу булгаары баштык.

**ЧАРАЙНА I** 1. Калың булгаарыдан, кээде металлдан жасалган, денеге кынапталган соот. *Чарайна, соот, кыягы* («Манас» С.О.). 2. Согушка чыкканда төшүнө тартып кийүүчү такта, темир. *Темир туулга башында, Чарайнасы тагылуу* («Курманбек»). *Табылды кырк жигитке соот, чопкут, чарайна, калкан даярлап, эл кайтарып жол чалып, атасы Эрменкандан мыкты болду* («Эр Табылды»). *Туурча, соот, чарайна Каалгасында темирден. Чарайнасы шылк этип, Чыга түштү найзасы* («Эл

адабияты»). *Туулгасы тагылуу чарайнасы дапдаяр* («Эл адабияты»).

**ЧАРАЙНА II чарана** менен бирдей.

**ЧАРАНА** Жаңы туулган жаш төлдүн, жаңы төрөлгөн жаш баланын үстүнө жабышкан желим сыяктуу илээшкен зат. *Уулумду чаранадан чайып, түн уйкумду, күн тынымымды койгомун* (Сыдыкбеков).

**ЧАРАПЖАЛ** *туурасы:* **чарабжал.** *Экинчи көзүнө – түбүнө, өтүгүмдү, анын үстүнө аңчылыкка алып жүргөн булгаары кылабданымды, үйдө пайдаланган чарапжалымды сал, анан чаарчыктын толубу бар го, ошого толтура көмөч нанды бастырып үстүнө коюп кой* (Абакиров).

**ЧАРАПЗАЛ** *диал.* Бычак.

**ЧАРБА** 1. Белгилүү бир коомдун өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, өндүрүш жолу. *Натуралдык чарба. Товардык чарба.* 2. Өндүрүш, экономика, өндүрүш үчүн бардык керектелүүчү нерселердин жыйындысы. *Элдик арба. Токой чарбасы. Айыл чарбасы.* 3. Кандайдыр бир өндүрүштүн жабдуулары, шаймандары, мүлктөрү жана курулуш жайлары ж.б. жалпы жыйындысы. *Заводдун чарбасы.* 4. Үй тиричилигине байланыштуу иштер, оокат-тиричилик. *Үй чарбасын башкарып тыныкпаган чоң эне күнү бою өкүнүп жүргөн* (Сыдыкбеков) 5. Мал багуучулук, мал өстүрүүчүлүк. 6. Мал багып, мал өстүрүүчү. *Дыйкан болсоң, башында бол, чарба болсоң, кашында бол* (макал). 7. Мал. *Бирин-эки чарба күтүү.*

**ЧАРБАДАР** *диал.* Чарба жумуштары менен күн көргөн, көбүнчө мал чарбачылыгы менен кесиптенген, өз алдынча анчамынча чарбасы бар адам. *Чарбадар алек мал менен* (Барпы). *Урум менен Турумдун аталары өз оокаты өздөрүнө жетишкен чарбадар адамдын балдары болот* (Жантөшев).

**ЧАРБАК** 1. Короо-жайды ж.б. айландыра курчаган дубал, тосмо. 2. Бак-дарак, короо-жайдын жалпы аты. *Чарбак тараптан сайраган булбулдун үнү угулду* (Жантөшев). *Укмуштуу сонун чарбакт а, Кызыл гүл болсо жайнаган* (Токомбаев).

**ЧАРБАКЕР чарбадар** менен бирдей.

**ЧАРБАЛУУ** Чарбасы бар, чарба күткөн, мал күткөн. *Аларды орто чарбалуулар дейт* (Сыдыкбеков).

**ЧАРБАЛЫК** Чарбага таандык. *Чарбалык жумуштар.*

**ЧАРБАЧЫ** Кандайдыр бир мекеменин, ишкананын ж.б. чарбасы жагында иштөөчү, чарба жагын тейлөөчү адам. – *«Газик» менен келиптир, аксакал! – Андай болсо, чарбачылардын бирөө чыгар* (Убукеев).

**ЧАРБАЧЫЛ** Чарба иштерине камкор, чарбачылыкка бүйрө (адам жөнүндө). *Мукайдын атасы чарбачыл адам болгондуктан, огороду бак-шактуу келип, алмалары да көп* (Таштемиров). *Канча айткан менен чарбачыл киши да* (Каимов).

**ЧАРБАЧЫЛЫК** Жалпы эле чарба жумуштары, чарба иштерин жүргүзүүчүлүк. *Айыл чарбачылыгы. Мал чарбачылыгы.*

**ЧАРБЫ** Майда, майда мал. *Чарбы мал.*

**ЧАРБЫЛА** Майдалоо, майда-майда бөлүктөргө ажыратуу. *Чарбылап отурбай, кенен-кенен кылып эле бөлүштүрсөңчү* («Чалкан»).

**ЧАРБЫЛАН чарбыла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАРБЫЛАТ чарбыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРГЫ** Белге курчана турган жоолук. *Жолборстой боюң тартылган, Жонуңда чаргы артылган* («Эл адабияты»).

**ЧАРГЫТ** Түз, так айтпоо, буйтактатуу, башка сөзгө алаксытуу. *Каныбектин кайталап сураган суроосуна чаргыткан жоопторду берип тим болду* (Жантөшев). *Көп сөздөргө чаргытып, Макешти адегенде сынап да көрдү* (Касымбеков).

**ЧАРГЫТМА** Буйтактатма, ачыгын айтпай ар кайсыга шылтаган болуп, чаргыта берме. *Чаргытма сөздөр.*

**ЧАРГЫТУУ чаргыт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРДА** 1. Чурулдаган добуш салуу (бакага карата). *Баткактуу көлчүк суусунда, Бакалар чуулдап чардаган* (Маликов). 2. Сайроо. *Топтолушуп чардаган, Куштар дагы ыктыяр* (Барпы). *Булбулу сайрап чөлүндө, Күкүгү чардап көгүндө* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Шат-шайыр жүрүү, жыргоо, куунак болуу, сайрандоо. *Толкуп жаткан деңиздей, Чардаган элди карачы* (Токтогул). *Арасы Ала-Тоонун, көрккө баткан, Колхоз, совхоз боорунда чардап жаткан* (Нуркамал). 4. *өт.* Кыдыруу, жер чалуу, байкоо. *Мен жердин баарын чардадым, Барбаган жерим жок болду* («Семетей»). *Жээниңмин деп желпилдеп, Жер чардаган эрсиңби?* («Эр Табылды»).

**ЧАРДАГАЙ** Чардайган, чардая тартып чоң көрүнгөн. *Чардагай курсак бала.*

**ЧАРДАЙ I** *диал.* Ордо оюнунда ичке түшүп, бирок абалакты алууга мүмкүнчүлүгү болбой калган учур.

**ЧАРДАЙ II** Чандыйып көбүү, дардайып чоң көрүнүү (көбүнчө курсагы жөнүндө). *Бетеге жеп суналып, Бээлер жатат чардайып* (Осмонкул).

**ЧАРДАЙТ чардай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРДАК: ак чардак** Жумшак, калың жүндүү, буттары кыска келген сууда сүзүүчү канаттуу. Ак *чардакка кошулуп, Аңырлар учат аңкылдап* (Тоголок Молдо). *Кандайдыр бир ак чардак жем издеп, көл үстүнө айланып учуп жүрөт* (Баялинов).

**ЧАРДАНА** *диал.* Мандаш. *Чардана куруп отуруу.*

**ЧАРДАНДА** Чердендөө, чардайган курсагы менен кыймыл-аракетте болуу.

**ЧАРДАНДАТ чарданда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРДАНДОО чарданда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРДАРЫ** Ар түрлүү нерселерден бириктирилип жасалган аралашма дары. *Каргабий ар бир үч күн өткөн сайын Сагындын жараатына дүйүм чөптүн тамырынан, бүрүнөн даярдалган чардарысын себет* (Осмоналиев).

**ЧАРДАТ чарда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРДОО чарда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРДООЧУ** *тар.* Айыл-айылды кыдырып, элдин аман-эсенчилигин кабарлап туруу милдетин аткаруучу адам.

**ЧАРЖАЙЫТ** Баш аламан, туш келди, иретсиз, чачкын. *Бизди көрүнгөн жыйындарга эле чаржайыт жумшай беришет.*

**ЧАРИ** *диал.* **чар ирик** менен бирдей.

**ЧАРК I** Күч, кубат, ал, чама, маани-жай. *Чарпышкандын баарына Чаркы жетер эр экен* («Манас»). *Качып жүрүп аралап, Өз чаркымды чамалап* (Тоголок Молдо).

**ЧАРК II** 1. Дөңгөлөк. *Арабанын чаркы* 2. **чарык I** менен бирдей.

**ЧАРК III** Чар-чар эткен сыяктуу кыска чыккам үндү билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧАРК АЙЛАНУУ** *к.* **чар көпөлөк айлануу.**

**ЧАРК ИМЕРҮҮ** Арыдан бери тез эле өзүнө тартып ала коюу. *Мына, бүткүл Коңур-Өгүз, Кетмен-Төбө, Суусамыр, Жумгал тоолорундагы көп саяктын уругун айла менен да, күч менен да чарк имерген, атанган адам* (Касымбеков).

**ЧАРК КӨПӨЛӨК АЙЛАНУУ** *к.* **чар көпөлөк айлануу.**

**ЧАРК ТОКТОГОН** Токтолгон же төрт жаштык. *Чарк токтогон ирик.*

**ЧАРК УРУУ** 1. Өтө тездик менен жөнөө, кыдыруу, зыпылдап тез жүрүү. *Барып калды Мендирман, Дубанача чарк уруп!* (Жантөшев). 2. Толкундоо, алып учуу. *Ачууга сырын турмуштун, Чарк уруп жүрөк термелет* (Бөкөнбаев). *Нарындын суусу ташкандай, Кубанып көңүл чарк урду* (Бөкөнбаев).

**ЧАРКАНА** Чарбак.

**ЧАРКАП** Чөптүн, эгиндин ж.б. үймөгү.

**ЧАРКАПТА** Чаркап кылып үйүү.

**ЧАРКАПТАТ чаркапта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРКАПТОО чаркапта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРКАР** 1. Турак жай, мал короо. Сарай, мал сарай, топон сакталуучу жай. *Анан кечке маал – мал убагы болгондо алиги Матабар деген киши чаркарынын башына чыгып алып, бешилигин таянып алып күндө кыйкыра турган* (Жусубалиев). *Күрөп бер көңдүү чаркарым, Пулуман жумшап айтамын* (Барпы). *Талаадагы самантопонду байдын чаркарына жеткирүүнү Сейит колуна алды* (Абдукаримов). 2. *диал.* Тамыры тартагай келген өсүмдүктүн аты.

**ЧАРКЕШ** *диал.* Тил албаган, көк.

**ЧАРКПАЛЕК** *диал.* Сузгулуу дардайган чоң дөңгөлөк. Аны менен жер сугарган.

**ЧАРКТА чарыкта** менен бирдей.

**ЧАРКЫЛДА** Чарк-чарк этүү, чарк-чарк эткен үн же дабыш чыгаруу. *Көлүндө куусу жаркылдап, Түрдүү куштар чаркылдап* («Эр Табылды»).

**ЧАРКЫЛДАК** *диал.* Өңү кара келип, чаркылдап үн чыгарган канаттуунун аты. *Кара чаркылдак айланса, сагызган шакылдак кантээр экен?*

**ЧАРКЫЛДОО чаркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРКЫРА** Чар-чар эткен созулуңку ачуу үн, дабыш чыгаруу. *Асман жактан чаркырап, Ач кыйкырык угулду* («Эр Төштүк»). *Дүмүрөңдөп окопту, Тепсеп жатат чаркырап* (Токомбаев).

**ЧАРКЫРАТ чаркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРКЫРОО чаркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРПАЯ** Көбүнчө көлөкө, салкын жерлерге же үйдүн ичине жайлаштырылган, отурууга ылайыкталып тактайдан жасалган секиче. *Каныбек акырын басып келип, чарпаяга отурду* (Жантөшев). *Сузак чайканасы демейдегидей кыжы-кыйма, чайчылар чарпаяларга шыкалып калган* («Чалкан»).

**ЧАРПУУ чарпы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРПЫ** 1. Чапчуу. *Далдалчы отко күйүп бараткандай, Бакырды чалды муштап чала чарпып* (Токомбаев). 2. Жете чайпалуу, жете кайтуу, толкуп жайпай берүү, каптоо (көбүнчө суу, көл ж.б. карата). *Атырылып аскаларды чарпыган, Толкундаган деңиздерди кечейин* (Токомбаев). 3. Азаюу, кемүү. *Ага-иниден айрылса, Ар ким бизден чарпылар* («Казыбек»).

**ЧАРПЫЛ чарпы** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАРПЫНДЫ** Серпинди, кандайдыр бир нерсенин бөлүкчөлөрү. *Кокус Сатарга карата сөздүн чарпындысы тийсе кадимкидей күүлөнүп кирмекчи* (Таштемиров). *Чарпындылар чачырап, Учуп жатты жан жакка* («Манас»).

**ЧАРПЫШ** 1. Кармашуу, алышуу. *Бул жел курсак аюусу, Чарпыша турган алы жок* («Эр Төштүк»). 2. *өт.* Чатакташып калуу, талашып-тартышып калуу. *Даша менен чарпыша кеткенин Ашыр эсине түшүрдү* (Сасыкбаев). *Садык текшерүү комиссиясынын бир мүчөсү менен чарпыша калды* (Байтемиров).

**ЧАРПЫШТЫР чарпыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРПЫШУУ чарпыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРС** Кырс. *Туптуу айбан чарс болот, Жаманга дөөлөт келгенде* («Эл адабияты»).

**ЧАРТ** Кубулуштун же, кандайдыр бир нерсенин тез болгон дабышын же кескин кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Чагылганы чарт эткен, Нөшөрлөгөн сел эмес* («Мендирман»). *Чарт кесүү.*

**ЧАРТЕР** *экон.* Транспорттук каражаттын ээси менен транспорттук каражатты же анын бөлүгүн тиешелүү каттамга ижарага жалдоочунун ортосунда түзүлгөн келишим.

**ЧАРТЕРЕК** *диал.* 1. Бутагы арбагай-тарбагай өскөн жыгач өсүмдүгүнүн аты. 2. Ак терек – көк терек оюну.

**ЧАРТЫЛДА** Чарт-чурт эткен катуу дабыш чыгаруу. *Кайрадан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов).

**ЧАРТЫЛДАТ чартылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРТЫЛДОО чартылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРЧА** 1. Чаалыгуу, алы, күч-кубаты кетүү, шайманы кетүү. *Чарчаган кулда жазык жок* (макал). *Чарчаган Токтогул эч нерсени сезер эмес* (Токомбаев). *Аттар бүгүн аябай чарчаган* (Жантөшев). *Фатима болсо Жүкөштүн чындап эле чарчаганын сезди* (Сасыкбаев). 2. *өт.* Өлүү (көбүнчө жаш балдарга карата). *Сатылган жөөлүйт, чарчаган балдарынын атын айтат* (Токомбаев).

**ЧАРЧАҢКЫ** Чарчагансыган, чарчап калгандай түрү бар. Чарчаңкы тартып, иштен качып калгандай көрүнүшү бар. *Унчупайсыз, чарчаңкы да өңүңүз, Келген өңдүү алыс жолдон унаасыз* (Акматалиев).

**ЧАРЧАП КАЛУУ** *аңч.* Салынган капкан чабылып калуу.

**ЧАРЧАТ чарча** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРЧОО чарча** этишинин кыймыл атоочу. *Оо, анан, чарчоону унутуп, не жыргап* (Ибраев).

**ЧАРЧЫ** Квадрат, төрт тарабы бирдей. *Ушу бир чарчы бөздү алып калганымда байып кетет белем* (Сыдыкбеков). *Зарыл төрт чарчы актын четин кызыл жип учуктаган ийнеси менен бекитип отурат* (Сыдыкбеков).

**ЧАРЧЫ БОЙЛУУ** Бою анчалык бийик эмес, бирок өтө жапыз да эмес. *Айдарбек чарчы бойлуу, кара тору киши* (Жантөшев). *Чарчы бойлуу жаш келин, Чырактай көзү жайнаган* (Маликов). *Чарчы бойлуу, ак жуумал кыз экен.*

**ЧАРЧЫ МЕТР** Квадраттык метр, төрт тарабы тең бир метрден келген чен өлчөмү.

**ЧАРЧЫК** *диал.* Бел жоолук.

**ЧАРЧЫЛА** Төрт тарабын бирдей кылуу, чарчы формага келтирүү, узун-туурасын бирдей кылып бүктөө.

**ЧАРЧЫЛАП-ЧӨНӨКТӨӨ** Себүү же отургузуу мезгилинде уруктардын (үрөндөрдүн) узун, туурасынын аралыгын белгилүү бир өлчөм боюнча бирдей жайгаштыруу жолу. *Бизде чигитти чарчылап-чөнөктөө жолу менен себүү иш жүзүнө ашырылып жатат. Чарчылап-чөнөктөп эгүү эң көп пайдаларды келтирет.*

**ЧАРЧЫЛАТ чарчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРЧЫЛОО чарчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРЫ** *диал.* Ороп, чырмап байлоо. *Абыдан бекем чарыган.*

**ЧАРЫК I** Балта, бычак, кайчы ж.б. турган куралдарды курчутуу үчүн колдонулуучу, жыгачка орнотулган дөңгөлөкчө сыяктуу кайрак таш. *Темир менен таштын кайралышынан чыккан кызыл учкун чарыктын алдын көздөй шыр-шыр этет* (Сасыкбаев). *Чапса болот кетилет, чарыкка тартса жетилет* (макал).

**ЧАРЫК II** Бодо (кара) малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган бут кийим. *Бутунда чылгый баш териден жасалган чарыгы бар* (Байтемиров). *Чүйрүйгөн чарык бутунда Чүнчүткөн дүйнө бир кеми.*

**ЧАРЫК ЖИП** Чыгырыктарга түрүлгөн, тигүү машинасында колдонула турган ичке жип. *Өткөрөт миң электен укумуң-тукумуңду, жарыңды да, жандырып чарык жиптей түрүлгөн тагдырыңды* (Муканов).

**ЧАРЫКТА** Чарыкка тартуу, чарык менен курчутуу.

**ЧАРЫКТАГЫЧ** *диал.* Бычак-балта курчутуучу нерсе.

**ЧАРЫКТАТ чарыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРЫКТОО чарыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРЫЛДА** Кулакка жагымсыз үн чыгаруу, чар-чар эткен үн чыгаруу. *Кайрат сөөмөйү менен тизмени кыдырып, чарылдап кыйкырып окуп жатты* (Бейшеналиев).

**ЧАРЫЛДАК** Чарылдай берген, үнүн чарылдата берме адаты бар, чарылдап үн чыгарган.

**ЧАРЫЛДАТ чарылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРЫЛДОО чарылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАРЫМ** Теринин ички бетинде же эт менен майдын ортосунда болуучу тарамыш сыяктуу чел. *Чарым эт.*

**ЧАРЫН чары** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАРЫТ чары** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАРЫЯР** Мухамед пайгамбардын жакынкы биринчи төрт халифи.

**ЧАСТУШКА** *муз.* Төрт же эки саптан турган, учурга жараша тамашалуу түзүлгөн орус элдик ырдын түрү.

**ЧАТ I** 1. Эки буттун жамбаш менен кошулган жери, эки буттун аралыгы. *Уйлар басса желини чатына батпай, ары-бери чайпалат* (Байтемиров). *2.* Эки суунун кошулган жери. *Жолоочулар эки суунун чатындагы тумшуктан имериле бергенде, жайнап жаткан калың мал көрүнду* (Каимов). 3. Тоонун эки салаасынын кошулушкан жери.

**ЧАТ II** Интернеттеги сүйлөшүүнү уюштура турган мүмкүнчүлүк.

**ЧАТА: кыялы чата** Кыялы жаман, начар, урушчаак, кежир. *Териси тар, кыялы чата адам болсо, бая эле кырс этип, кабагын салып калат эле* (Сыдыкбеков).

**ЧАТАК** Чыр, талаш-тартыш, жаңжал. *Алардын чатагынан улам цехтегилердин баары чогулуша калды* (Каимов). *Аскар айткандан бери Динар чатакты баштаган* (Сыдыкбеков). *Айдараалы болбогон жерден чатак чыгарганы турду* (Абдукаримов). *Чатактын түйүнүн калыс айткан кеп чечет* (макал).

**ЧАТАКТАШ** Чатак чыгаруу, чыр салуу, чырлашуу, талаш-тартыш чыгаруу. *Ышкынаалы бирөөнүн көңүлүн калтырып, чатакташып чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров).

**ЧАТАКТАШТЫР чатакташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТАКТАШУУ чатакташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАТАКТУУ** Чырлуу, чатак, талаш-тартыш чыгып кете турган жөнү бар. *Чатактуу маселе.*

**ЧАТАКЧЫЛ** Чатак чыгарган, чыр, урушчаак, жаңжалчыл.

**ЧАТАШ** 1. Илинишип, түйүлүшүп калуу, чатышып калуу, аралашып калуу. *Чал сакалынын чаташканын чыгарып, айрысын таянып бир аз карап турду* (Убукеев). *Чаташ жип.* 2. *өт.* Адашуу, татаал болгондуктан чечилишин таба албай жаңылышуу, баш аламан болуу. *Студенттердин чаташып жатышкан маселелерин Матвеевич түшүндүрүп кирди* (Бейшеналиев).

**ЧАТАШТЫР чаташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТАШУУ чаташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАТКАЛ I** 1. Эки тоонун кошулушундагы ойдуң жер. *Астындагы чоң кула ат, Чаткаягы чаткалдай* («Манас»). *Кара-Буура, Чаткалда, Кайкалап элим жатканда* («Манас»). 2. Эки тоонун ортосундагы шар аккан суу.

**ЧАТКАЛ II** 1. *диал.* Чамынды. *Чаркар чаптым өзүмө, Чаткалы тийди көзүмө* (фольк.). 2. Куурайдын сыныгы, бүрү.

**ЧАТКАЯК** Чаттан тизеге чейинки эки арткы буттун аралыгы. *Уйлардын желиндери чатырап казандай болуп, чаткаяктарына батпай, түшкү, кечки саанда теңселе келишет* (Бейшеналиев). *Анык тулпар жаныбар, Чаткаягы колоттой* («Манас»).

**ЧАТУУ чаты** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАТЫ** 1. Иретсиз чалып байлоо, илиништирүү, туш келди ороп, чырмоо. 2. *өт.* Кандайдыр ишке, абалга ж.б. дуушар болуу, чалынуу. *Башыңды таттуу кыял чатып алса, Толкундап отургандан эмне артык* (Үмөталиев). *Окусунан кайран жаш, Өлүмгө башы чатылып* (Тоголок Молдо). 3. Иреттүү, ырааттуу сүйлөбөй, ар кайсынын башын бир айтуу. *Бөрүбай молдо далай шарыяттын башын чатып өттү* (Жантөшев).

**ЧАТЫМА** *диал.* Жетилип, семирген мал. *Чабдар кунан болот, кунандан толуп чатыма ат болот.*

**ЧАТЫНА** Жарака кетүү, сынан кетүү. *Табак чатынап кетиптир.*

**ЧАТЫР I** 1. Курулуштардын, имараттардын үстүнкү бөлүгү. *Жамгырдан үйдүн чатыры дабырап турду* (Сыдыкбеков). 2. Таардан, калың матадан ж.б. жасалып, төрт бурчунан керип коюлуучу, көбүнчө жайында колдонула турган жеңил үй. *Жайкы күн... эрке Ысык-Көл толкуп жатыр, Боюна жоокерлер тиккен чатыр* (Маликов).

**ЧАТЫР II** Кандайдыр бир нерсе сынып, жарылып же от чартылдап күйүп бараткандагыдай чыккан үндү же дабышты билдирүү же ошого салыштыра көрсөтүү үчүн колдонулат. *Чатыр-чатыр чатырады, Жалпы күйүп жан-жагы* (Бөкөнбаев). *Согуш кабары, чатыр этип асманды тең жарып өткөн чагылгандай тараган* (Сыдыкбеков).

**ЧАТЫРА** 1. Чатыр-чутур, чарт-чурт эткен дабыш чыгаруу, чартылдоо. *Үй ысыта, темир меште от жагып, Как кургаган жыгач күйөт чатырап* (Акматбекова). *Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап* (Осмонов). *Чатырап муздар сынса да, Катуулап бороон турса да* (Бөкөнбаев). *Арчалардын куу шактары жалын чыгарып, чатырай баштады* (Абдукаримов). 2. Дүрбөй түшүү, жапырт дүрбөө, туш-тушка таралуу. *Карышкырды көргөн койлор чатырап үркүп-үркүп жөнөдү* (Жантөшев). 3. Тарсайып, чыңалып чыгуу, чыңалып толуп чыгуу. *Семиргенде чатырап, Эмчеги жерге салаңдайт* (Осмонкул). 4. *өт.* Дүркүрөп өсүү, көбөйүү, жапырт өсүү, мыкты, өркүндөгөн абалда болуу. *Чатырап колхоз, совхоз чарбаларың, Көбөйсүн төрт түлүгүң аман төлдөп* (Үсөнбаев).

**ЧАТЫРАЙ** Көрүнүшү толук, токтомдуу болуп туруу. *Алыстан ак боз үй чатырайып капкайдан көрүнүп тураар эле* (Үсөнбаев). *Чатырайган ак үй.*

**ЧАТЫРАТ чатыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТЫРАШ II** 1. Он төрт ак, он төрт кара таш менен алды-артына жылып, дойбу сымал ойнолгон оюндун аты. *Чатыраш ойноп даң салып* («Манас» С.К.). *Эргип ордо салышып, Чатыраш ойноп чатырап* («Манас»). *Чатыраш болсун ар үйдө, Коноктор оюн ойносун* («Эл адабияты»). 2. *диал.* Суу жээгине, чайларга өсө турган ичке бутактуу, барпагай жалбырактуу өсүмдүк.

**ЧАТЫРЛА** Үйдүн үстүн, чатырын жабуу.

**ЧАТЫРЛАН чатырла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАТЫРЛАТ чатырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТЫРЛОО чатырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАТЫРЛУУ** Чатыры бар, чатырлап жабылган. *Чатырлуу жаңы үй.*

**ЧАТЫРЧА чатыр I** менен бирдей. *Чатырчасы шифер менен жабылган, Беш бөлмөлүү үйгө кирдим жакында* (Осмонкул).

**ЧАТЫРЧАЛА** Чатырча кылуу, чатырча жасоо (үйгө, имаратка). *Өздөрүнүн планы боюнча беш-алты комнаттын үстүн чатырчалап жабарын айтты* (Бейшеналиев).

**ЧАТЫРЧАЛАН чатырчала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧАТЫРЧАЛАТ чатырчала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТЫРЧАЛОО чатырчала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАТЫРЧАЛУУ** Чатырчасы бар, чатырлап жабылган. *Талас шаарынын түбүндө үйлөрү өңчөй чатырчалуу жана бак-дарактуу бир кыштак бар* (Каимов).

**ЧАТЫШ** 1. Чиеленишкен, чаташкан. 2. *өт.* Татаал, чатак, кыйын. *Чече албай буулуктуң, Узун ойдун Учу чатыш түрмөгүн* (Турусбеков). *Чатыш маселе. Мышык чачып ойногон чарык жиптей чубалжып, чатышкандан чатышты* (Токомбаев).

**ЧАТЫШТЫР чатыш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАТЫШУУ чатыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАХОХБИЛИ** Ар кандай татымалдарды кошуп тооктун этинен жасалган кавказдыктардын тамагы.

**ЧАЧ I** Адамдын баш терисинен чыккан кыл, калың түк. *Күмүш өңдүү, олоң чач, Кош каркыра керме каш* («Манас»). *Буурул чачын сеңселтип, Апаңар күтөт силерди* (Токомбаев). *Чачын татынакай кылып артына карай тараган кара жигит – Омор* (Жантөшев).

**ЧАЧ II** 1. Чачырап кеткидей кылып таштоо, ыргытуу, чачырата таштоо, төгүү, чачыратуу. *Мамбеткул колундагы тепшиге салынган жемди тоокторуна чачты* (Каимов). *Жамила дасторкон жайып, ага чача боорсок салды* (Баялинов). 2. Чогуу же ireттүү турган нерсени туш-тушка бириндете бөлүү, чачынды кылуу, чачкын, иретсиз түргө келтирүү. *Баарын чачтың көп көңдүн, Бекеринен тапкандай* (Үмөталиев). *Капанын баарын чачамын, Төштүк, Кабагың минтип ачамын, Төштүк* («Эр Төштүк»). 3. Ысырап кылуу, ыксыз жок кылуу, түгөтүү. *Шаар базарын ачамын, Атакемдин сан дүйнө, Топуратып чачамын* («Манас»). 4. *өт.* Берүү, таратуу, жаюу. *Партия балдар үчүн билим чачкан, Билимди биздин балдар издеп тапкан* (Барпы). 5. Чачыратуу, таратуу. *Таң кабарын айткансып, чыгыштан чолпон нур чачты* (Жантөшев). *Эмгек кайнап, колхозчулар кош айдап, Асмандан күн алтын шоола нур чачат* (Үмөталиев). *Чырак үлпүлдөп алсыз нурларын чачат* (Каимов).

**ЧАЧ КЕП** Элечектин астынан кийилген аялдардын баш кийиминин бир бөлүгү.

**ЧАЧ-КИРПИГИ ЖЕТПӨӨ** Эч жетишпөө, эч нерсе чак келбөө. *Дагы эле көп заказды айтты, ага деле чач-кирпигибиз жеткидей көрүнбөйт* (Бердикеев).

**ЧАЧ ӨРҮҮ** *этн.* Кыз узатуу салтындагы ырым-жырымдардын бири, жеңелери кыздын мурдагы майда өрүм чачын жазып, жубайлык турмушу берекелүү болсун деген ырым менен чачын сары май менен майлап, эки өрүп, учун ак кебез менен бекитип байлап, элечек кийгизип (жоолук салып), отурган байбиче, келин-кыздарга чачыла чачуусу. Чач өрүү ырасмисине о.э. ошол учурда кызга нарктуу байбичелер, жеңелери тарабынан насаат айтылуусу кошо кирет.

**ЧАЧ ПАПИК** Чачка тагылуучу кооз буюмдун бир түрү.

**ЧАЧ УЧТУК** *этн.* Өрүлгөн чачтын, чачпактын этегине байлануучу, тагылуучу ар кандай зер буюмдар, көбүнчө күмүш тыйын ж.б. кооздук. *Чач учтук ордуна тагылган ачкычтары шылдырт этти. Райкан чоң энемдин аппак элечеги, чач кеби, чачпагы менен чач учтугундагы кооз күмүш тыйындары дале көз алдымдан кетпейт.*

**ЧАЧ ЭТЕКТЕН** Өтө көп, эң көп, абдан мол (байлык ж.б. карата). *Алардын дүнүйө-мүлкү чач этектен.*

**ЧАЧА** Жүзүмдөн жасалган грузин арагы.

**ЧАЧВАН** *диал.* Аялдардын бет калкалагыч тору.

**ЧАЧКЫН** Бытыранды, баш аламан, чачынды, бири-биринен алыс, чогуу эмес. *Кыштакта үйлөр бирине-бири жанаша турбастан, ар кайсы жерде чачкын турат* (Абдукаримов).

**ЧАЧКЫНДУУ** Бытыранды, чогуу эмес, чачкын абалда.

**ЧАЧКЫНДУУЛУК** Бытырандылык, баш аламандык, чогуу эместик. *Тоо айлынын чачкындуулугу жаман* (Каимов).

**ЧАЧМА: чачма күрүч** Палоонун бир түрү.

**ЧАЧПАГЫН КӨТӨРҮҮ** Бирөөнүн шылтоосу менен ээрчий келүү, жандай келүү, анын шарапаты менен бирге, кошо конок болуу. *Ал анын чачпагын көтөрүп келди* («Ала-Тоо»). *Асыл менен Сүйүнбайды алардын чачпагын көтөрүп келди деп көп сүйүңкүрөшкөн жок* (Өгөбаев).

**ЧАЧПАК** Аял кишилер чачка тагуу үчүн чачылуу кара жибектен жасалган, күмүштөн ж.б. зер буюмдар ар түрдүү формада кооздолуп тыгылган жасалга. *Уулжан ордунан турганда соорусун жаба берген күмүш чачпагы шарк-шарк этет* (Каимов). *Чачпагың учу шырп этет, жеңе* (Осмонов). *Чапан астынан шалдыраган чачпагынын да эң сонун үнү кулакка угулуп турат* (Ауэзов).

**ЧАЧПАКТУУ** Чачпагы бар, чачпак тагынган.

**ЧАЧТА** Чачтан алуу, чачын жулуп, чачынан тартып урушуу.

**ЧАЧТАН КӨП** Өтө көп, абдан көп, өтө арбын. *Али кенедей дагы чети оюла элек, чачтан көп иштер жатат* (Осмоналиев). *О, досум, мейман болуп кетүүгө не жетсин, бирок кантесиң, ушу күндөрү иш чачтан көп* (Тойбаев).

**ЧАЧТАРАЧ** 1. Чачты, сакал-мурутту алуучу, тегиздөөчү жай. *Муруттарым кара кылкан өңдөнүп, Чачтарачка эки ирет келтирди* (Токомбаев). 2. Чач, сакал-мурут алуучу, тегиздөөчү киши. *Чачтарач менен сүйлөшсөң, устара менен кайрагын айтар* (макал). *Атасы жумушчу, апасы чачтарач, Бектурдун баласын көр* (Шүкүрбеков).

**ЧАЧТАШ** Чачтан алышуу, чачтан алып урушуу.

**ЧАЧТАШУУ чачташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧТУУ** Чачы бар, чач койдурган. *Чачтуу бала.*

**ЧАЧТЫР чач** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЧУВАН чачван** менен бирдей. *Чоочун аял бетиндеги чачуванын алып, бетин ачып отуруп: – Кудагый, мени таанадыңызбы деди* (Жантөшев).

**ЧАЧУУ чач** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧЫ** 1. Көбүнчө баш кийимдердин (мис. тебетей, калпак ж.б.) төбөсүнө тагылуучу же жоолуктун ж.б. чекелериндеги майда жипчелер, чачык. *Суусар тебетей, анын чокусунда көк мончок өткөрүп таккан узун кара чачы* (Токомбаев). *Үзүгүн аппак бордоткон, Этегин чачы тордоткон* (Тоголок Молдо). 2. Кээ бир малдын (мис. уйдун) куйругунун чачыланган уч жагы.

**ЧАЧЫ АГАРУУ** Катуу убайымдоо, сары санаа болуу, бир нерсеге аябай санааркай берүү. *Ушул сенин сырыңды жашырам деп, бирөө билип калбаса экен деп жүрүп чачым агарып кетти* (Сыдыгалиев). *Айтып атып чачым агарды, тил албаган бала экен* (Байтемиров).

**ЧАЧЫ ТИК ТУРУУ** Үрөйү учуп катуу корккон же таң калган, жүрөк титирерлик сезимде болуу. *Айтып отурса, чачың тик турат* (Эралиев). *Эшик алдында аны күтүп тургандай элестеп, тула бою дүркүрөп, чачы тик туруп кетти* (Медетов). *Июль айынын коюу караңгылыгында уктап жаткан элди адамдын чачы тик турган суук кабар ойготту* («Чалкан»). **В.: Чачы үрпөйүү.** *Эки жактын кара өзгөйлүктөрүн угуп, кашы түргөй чачы үрпөйдү* (Бейшеналиев).

**ЧАЧЫК I** *диал.* Сүлгү, кол арчы.

**ЧАЧЫК II чачы** менен бирдей.

**ЧАЧЫКТУУ** Чачы төгүлгөн, чачыгы коюу. *Чачыктуу жоолук.*

**ЧАЧЫЛ чач** этишинин туюк мамилеси.

**ЧАЧЫЛА I** Келин келген учурда чачыла турган таттуу, кант, боорсок, тыйын ж.б. *Кокус келин келип калса, алдынан чачыла чачып койгула деп байбиче боорсок бышырып да койгон жок* (Сыдыкбеков).

**ЧАЧЫЛА II** Чачы жасоо, чачы тагуу. *Шатен мончок тагып чачылаган саймалуу кызыл баштыктан тамеки алып, Асанга ажардана карады* (Токомбаев).

**ЧАЧЫЛАТ чачыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЧЫЛАШ чачыла** этишинин кош мамилеси.

**ЧАЧЫЛОО чачыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧЫЛТУУ чачылт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧЫЛУУ I** Чачысы бар, чачы тагылган. *Жибек чачылуу текче.*

**ЧАЧЫЛУУ II чачыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧЫМ** Азык-түлүк чачымы. Согуш убагында айыл-чарба өндүрүштөрүн даярдоо, топтоо үчүн мамлекет тарабынан колдонулган атайын чара.

**ЧАЧЫН ЖАЮУ** Өлүккө аза тутууну билдирүү. *Кошокчулар чачтарын жазып, үн салып, чоролор табытка ийин тосуп, сыңар тизелей үңкүйүп отурду* (Айтматов).

**ЧАЧЫНДЫ** 1. Чогуу эмес, чаржайыт, баш аламан, бытыранды, иретсиз. 2. *хим.* Чачынды элементтер, жаратылыштагы ар түрдүү элементтердин казып алынуучу кен байлыктарынын (көмүрдүн, туздардын, фосфриттердин) курамында аралашма түрүндө кездешүүчү элементтердин тобу.

**ЧАЧЫРА** 1. Бириндеп-бириндеп бөлүнүп туш-тушка ыргуу, туш-тушка чачылуу. *Темирди жанчып жатат талкан-талкан, Чачырап кызыл учкун ар тараптан* (Бөкөнбаев). 2. Жайылуу, тароо. *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Күндүн алтын нуру эми гана*

*чачырап чыгып келатат* (Абдукаримов).

**ЧАЧЫРАНДЫ** 1. Кандайдыр бир нерсенин чачыраган майда бөлүктөрү. *Жарылып үйдөй темир тарсылдады, Талаага октой учту чачыранды* (Үмөталиев). 2. Бытыранды, иретсиз, чачкын. *Менин ар кай жерден сүйлөгөн чачыранды сөзүмдү алар дитин салып угуп турду* (Элебаев). 3. *өт.* Биримдиги жок, ынтымаксыз. *Чачыранды эл. Чачыранды уруу.*

**ЧАЧЫРАТ чачыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧАЧЫРАТКЫ** Татаал гүлдүүлөрдүн тобуна кирүүчү, гүлү чачырап чыккан өсүмдүк. *Эрмен, чачыратκы чыккан жерлерине чалгы тийген эмес экен* (Касымбеков).

**ЧАЧЫРОО чачыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧАЧЫШ чач** этишинин кош мамилеси.

**ЧАЯ** 1. Арамзаа, кытмыр, албуут. 2. *өт.* Азап чегүү, мээнет, түйшүк тартуу. Чайналуу. *Көп тилдесе аялды, Чая болот эмеспи. Мээнет кылсаң билбеске, Зая болот эмеспи* (Барпы). *Керели кечке уч баланы багам менен убараланып, чая болгон Тотойдун көздөрү адамды дайым сурдуу тиктөөчү эле* (Айтматов).

**ЧАЯН** 1. Жөргөмүш сыяктуу, чага турган уулуу жандык. 2. *өт.* Кичинекей көзкөз, илмекче кылып топчу сыяктуу байланган түйүн. *Чачыгын чаян чырмаган, Баш чалгычы жибектен* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЧАЯН ТҮЙҮМ** Элдик түймөчүлүктүн бир ыкмасы.

**ЧЕБЕЛЕКТЕ** Чебеленүү, тынчы кетүү, чыдамсыздануу. *Ал чебелектеп чуркап эшикке чыкты* (Байтемиров). *Урмамбетов чыдай албай чебелектеп жиберди* («Ала-Тоо»).

**ЧЕБЕЛЕКТЕН чебелекте** менен бирдей.

**ЧЕБЕЛЕКТЕТ чебелекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕБЕЛЕКТӨӨ чебелекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕБЕЛЕН** Шашып-бушуп жан талашуу, аябай чыдамсыздануу, тынчсыздануу же кандайдыр бир нерсеге кейиген, боор ооруган кебетеде тынчы кетүү. – *Кана, ылдамыраак, кокус бирөө кирип келип жүрбөсүн! – деп чебеленди* (Убукеев).

**ЧЕБЕЛЕНТ чебелен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕБЕЛЕНҮҮ чебелен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕБЕР** 1. Өз ишин мыкты билген кылдат, устат, уз. *Дүйшөнкул чебер пулемётчик* (Бөкөнбаев). *Он эки кайрып күү черткен, Чебери болгон Токтогул* (Барпы). 2. Акырын, этияттык менен, кылдат түрдө. *Чоң эне Аскардын керебетинин жанынан мышыкча чебер басып, табыш чыгарбай өтүүчү* (Сыдыкбеков).

**ЧЕБЕРДЕ** Этият болуу, сак болуу, абайлоо, байкап аракет кылуу. – *Чебердеңиз, жарыктык жыгыласыз* (Сыдыкбеков). – *Чебердегиле, кокус бирөөнүн көзүнө чалынып калбайлы, – деген үндөр чыкты* (Жантөшев).

**ЧЕБЕРДИК** 1. Өз ишин мыкты билгендик, кылдаттык, устаттык. *Баатырдыктан, чебердиктен, Бизден эч ким артылбайт* (Маликов). 2. Этияттык, сактык, акырындык. *Чалгынчылар өтө чебердик менен келе жатышты* (Баялинов). *Кагазды өтө чебердик менен ачты* (Жантөшев).

**ЧЕБЕРДӨӨ чеберде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕБЕРЛЕ чеберде** менен бирдей.

**ЧЕБЕРСИН** Чебер болуп көрүнүү, чебердиги бар адамга окшоонун аракетин кылуу.

**ЧЕБЕРСИНҮҮ чеберсин** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕБЕРЧИЛИК чебердик** менен бирдей.

**ЧЕБИЧ** Эчкинин бир жаштан өткөн ургаачысы. *Чынын айтсам, эч бир малга окшобойт, Өзүм баккан чебичтердин улагы* (Токомбаев).

**ЧЕБУРЕК** Жука жайылган камырдын ичине майда тууралган эт, пияз салынып, майга бышырылган тамак түрү.

**ЧЕГЕ** 1. Өтүктүн таманына, ээрге ж.б. урулуучу кичинекей майда мык. *Босогонун сыртына, Болоттон чеге кактырган* («Манас»). *Ширинин ордуна жаркыраган күмүш чегелер менен бекемделген* («Ала-Тоо»). *Кадаган болот чеге элем, Кайран бектин барында* («Эл адабияты»). *Чегедей жүрөккө кадалып, мээдеги чатышкан ойлордун түрмөгү* (Ибраев). 2. *өт.* Тирек, таяныч, мыкты. *«Журтуна чеге болсун» деп, Жумуртка чайкап чыгарган Энеңер айтат саламды!* (Бөкөнбаев). *Чегеси элең жеримдин, Кадоосу элең калкымдын* («Манас»).

**ЧЕГЕДЕК** Карагайдын бутагы. *Кебек карыя эки чегедекти чийне жасаттырып жиберди* (Байтемиров).

**ЧЕГЕДЕКТҮҮ** Чегедеги бар, чегедеги көп, бутактуу (карагай жөнүндө).

**ЧЕГЕЛДЕК чегедек** менен бирдей.

**ЧЕГЕЛЕ** Мык уруу, чеге кадоо.

**ЧЕГЕЛЕН чегеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЕГЕЛЕТ чегеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕГЕЛӨӨ** 1. Мык кагуу, кыйноо, азаптозок көрсөтүү. *Чегелейт сенин колуңду* («Семетей» С.К.). 2. **чегеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕГЕЛҮҮ** Чеге кадалган, чеге мыгы бар. *Субан күмүш чегелүү өрүк комузду сагынгандай тиктеп, үч кылды дирилдете баштады* (Каимов).

**ЧЕГЕР I** Кычкач (ысык темир ж.б. кармоочу курал).

**ЧЕГЕР II** Бересесинин ордуна наркына

жараша башка нерсесин берүү, карызы үчүн кармап калуу. *Ала турган акыма чегердим.*

**ЧЕГЕРИЛ чегер** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕГЕРТ чегер** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕГЕРҮҮ чегер** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕГИЛ чек** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕГИН** 1. Артка кетүү, кетенчиктөө, артын көздөй жылуу. *Оттун жалыны бир заматта тегеректи үп кылып жиберди эле, костёрду курчап тургандар артка чегине беришти* (Таштемиров). 2. Согушта жеңилгендиктен артка кетүү, кайра артын көздөй жылуу, кайра тартуу. *Майдандык маанилүү багыттарында душман тобу чегинүүдө* (Сыдыкбеков).

**ЧЕГИНДИР чегин** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕГИНТ чегиндир** менен бирдей.

**ЧЕГИНҮҮ чегин** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕГИР** Куш, чымчыктардын пири. *Коңур чегир.*

**ЧЕГИРТКЕ** Чырылдаган үн чыгарып секирип жүрүүчү же учуп кетүүчү чымын-чиркейлердин тобуна кирүүчү жандык, ушундай эле айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтире турган жандык (мис. кара чегиртке). *Кез-кезде гана чырылдаган, чегирткенин дабышы угулат* (Жантөшев). *Ат жеткен жердин аштыгын, Чегиртке талап жеп кеткен* («Манас»). *Чегирткеден корккон эгин экпейт* (макал).

**ЧЕГҮҮ чек** этиштеринин кыймыл атоочу.

**ЧЕДИРЕЙ** Курсагы чыгуу, курсагы бөрсөйүп, төмпөйүп көрүнүү.

**ЧЕДИРЕЙТ чедирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕДИРЕКЕЙ** Курсагы чедирейип чыгып турган, курсагы бөрсөйүп чыгып турган. *Чедирекей курсак.*

**ЧЕДИРЕҢ: чедиреҢ-чедиреҢ этүү** Көбүнчө бою кичинекей болуп, курсагы чыгып турган балдардын кыймылын көрсөтүүдө колдонулат.

**ЧЕДИРЕНДЕ** ЧедиреҢ-чедиреҢ этүү, чедиреҢ-чедиреҢ эткен көрүнүштө болуу. *Жапар чедиреңдеп оюнчугуна келип өзүнчө сүйлөй баштады* (Токомбаев).

**ЧЕДИРЕНДӨӨ чедиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЙДЕМ** Кайнаган сууга кымыз же чалынган айран куюп муздатып даярдалган мүнөз суусундук.

**ЧЕЙДЕТ** Суу кошулган айран.

**ЧЕЙИН** Убакыт, мезгил, аралык жагынан болгон чекти көрсөтүүдө колдонулат. *Шашкеге чейин из кууп, өзөндүн башына чыктык* (Жантөшев). *Эшикке чейин эки кадам болсо да, Сакадайга эки күнчүлүк жолдой сезилди* (Жантөшев). *– Кана, жеңиңди чыканагыңа чейин түрчү?* (Бейшеналиев).

**ЧЕЙРЕК** 1. Төрттөн бир бөлүктү түшүндүрүүчү өлчөм. *Кыргызстан чейрек кылым ичинде таанылгыс болуп өзгөрдү* (Сыдыкбеков). 2. Салмагы беш кадакка барабар болгон өлчөм бирдиги. *Эркиндин алдында эки чейрекке чыгар-чыкпас буудай төгүлүп жатат* (Жантөшев). 3. Окуу жылынын төрттөн бир бөлүгү. *Токтобек биринчи чейректе эне тили менен географиядан «төрт» деген бааларга жетишти* (Таштемиров).

**ЧЕК I** 1. Мамлекеттин же кандайдыр бир ээликтеги жердин ага тиешелүү экендигин белгилөөчү чени, белгиси. *Кыраан Манас – жаш бала, Чегине келди жеринин, Четине келди элинин* («Манас»). 2. Андан ашып же өтүп кетиши ылайыктуу эмес деп эсептелген шарт, чен, өлчөм, убакыт, белгилүү бир норма. *Уйку, тамактануу – баарына чек коюлду* (Бейшеналиев). *Күн узарып чегине жеткенде өсүмдүктөр урук байлайт* (Убукеев). *Келе турган күндөрүн, Жыйырма беш күнгө чек кылып* («Семетей»).

**ЧЕК II** 1. Белгилүү сумманы алуу же башка жакка которуу үчүн банкка көрсөтүлүүчү (берилүүчү) документ. *Чекти жаңы кассирдин наамына жаз* (Каимов). 2. Товардын төлөө баасы жазылып, кассага көрсөтүлүүчү квитанция жана магазиндин кассасы сатып алуучудан акча алгандыгын белгилеп берилген кагаз.

**ЧЕК III** 1. Унааны арабага, чанага ж.б. кошуу. *Атмын дейсиң арабага чегилген, А божусу мага эмне үчүн берилген?* (Маматова). *Ар биринде бир кетмен, Кээ бирөө чеккен араба* (Осмонов). 2. Кандайдыр бир жумуш иштөөгө кошуу, дайындоо, белгилөө, жиберүү. *Ал ишке өзүн баштап мугалимдерди чегем* (Сыдыкбеков). 3. Тамеки тартуу, чылым тартуу, насыбай атуу. *Эч кимиң командасыз мылтык атпа, Чекпесин тамекини эч бириңер* (Үмөталиев). *Атам укалаган насыбайынан чеге кетти* (Жантөшев). 4. Азапка, жапага ж.б. туш келүү, кабылуу, дуушар болуу, сапар, жол ж.б. тартуу, баштан өткөрүү. *Ошондо Бүбүя да кунга кетти, Жазыксыз жашын төгүп, азап чекти* (Турусбеков). *Сайраган булбул элем, жапа чектим* (Шимеев). *Кандайдыр сапар чегип бараткаңыңа түшүнүп турам, балам, – деди кемпир* (Жантөшев).

**ЧЕК IV** 1. Кандайдыр катуу нерсени ургулап оюу, из түшүрүү, кандайдыр бир жерин кетип оюу. *Ташты чегип кынаган, Бирбирине улаган* (Үмөталиев). *Тегирменчи бизди эле күтүп тургансып, ташын оодарып, чегип жаткан экен* («Жаш ленинчи»). 2. *өт.* Астыртан сыр билгизбей сурап көрүү, билмексен болуп билип алууга аракет

кылуу. *Ышкынаалы чегип сураган менен пайда чыкпасын билген соң, өтө аярлап калды* (Байтемиров).

**ЧЕК V** Эчкини чакырганда, айдаганда ж.б. колдонулат.

**ЧЕК АРА** Жанаша турган мамлекеттердин же кандайдыр бир ээликтеги жерди территориялык жактан бири-биринен бөлүп туруучу сызык, тилке, эки чектин аралыгы. *Чек араны коргогон, Эл тынчтыгын ойлогон, Болсом экен сакчы дейт* (Осмонкул).

**ЧЕК АРАЧЫ** Мамлекеттин чек арасын кайтарып, кызмат кылуучу аскер кызматчысы.

**ЧЕКАНКА** *сур.* Скульпторлукта негизинен жасалгалык композицияларда колдонулган жука металл барактардан скульптура чыгармаларын аткаруу техникасы.

**ЧЕКЕ** 1. Баш сөөктүн үстүнкү бет жак бөлүгү, мандай. *Биздин арык казгандар, Чекеси терден суу аккан* (Турусбеков). 2. Кандайдыр бир нерсенин чети, бир тарабы, бөлүгү. *Кийиз сатсаң айлыңа сат, бир чекесин жамына жат* (макал). 3. *диал.* Өңү каралжын келип, майда бутак алып, корумдардын арасына чыгып, май айында гүл төгүп, июлда мөмөсү быша турган жыгач өсүмдүгүнүн аты.

**ЧЕКЕ-БЕЛ** Бир нерсенин чет жагы, четжакасы. *Жайлоонун чеке бели, өзөндүн чеке бели. Сырдын чеке-белин чыгардым* (Жантөшев).

**ЧЕКЕ ЖЫЛЫТАРЛЫК** Ыраазы болорлук, алымсынарлык, көзгө көрүнөрлүк, ынанарлык. *Бул эки мекеме райондун чарбаларына чеке жылытарлык таасир да, жардам да көрсөтө албай келе жатат* («Чалкан»). *Куюучу линия да чеке жылытарлык иштебейт* («Ала-Тоо»).

**ЧЕКЕГЕ БҮТКӨН** Бар болгону, турганы, жападан жалгыз. *Карыганымда чекеме бүткөн жалгыз уулум чогоол өссө кандай* (Сыдыкбеков). **В.: Чекесине бүткөн.** *Зарыл ата-энесинин чекесине бүткөн жалгыз кызы* (Өмүрбаев).

**ЧЕКЕГЕ ЧЕРТЕ АЛБОО** Тие албоо, эч даай албоо, жакын жолой албоо. *Тиймек түгүл, чекеге черте албайсыз* (Байтемиров). *Баса, баягыда Васька деген жигит: «Эми сизди чекеге черте албайт», – деп эмне үчүн айтты?* (Саатов). **В.: Чекесине черте албоо.** – *Чочуба, жездемди эч ким чекесине черте албайт, мен барда* (Бейшеналиев). **Чекесине чертпөө.** *Чекесине чертпейм, мен аларды сөз менен эле жыгам* (Тойбаев).

**ЧЕКЕГЕ ЧЕРТИП ТУРУП** Жакшылап байкап, эң мыктысын ылгап, тандап туруп. *Чекеге чертип туруп кыз алам дечү эмес белең?* (Байтемиров). *Сендей жакын көргөн иниме аялды чекеге чертип туруп алып берем* (Каимов). **В.: Чекесинен чертип туруп.** *Андан көрө аскерде жүргөндө чекесинен чертип туруп бир кызга таанышып алышы мүмкүн* (Акматов).

**ЧЕКЕГЕ ЧЫККАН ЧЫЙКАН** Жүрөктү өйүгөн, тынчын алган, кедерги болгон каргаша, каскак, тоскоолдук. *Сен да менин чекеме чыккан чыйкансың* (Байтемиров). – *Кайдан чыккан бу Сабырбек деген балакет? Чекеңерге чыккан чыйкан го!* (Абдырамановн). **В.: Чекеге бүткөн чыйкан.** – *Магаза Масанчиндин полку душмандын чекесине бүткөн чыйкан болуп, душмандын ойронун чыгарган эле* (Сасыкбаев). **Чечекейине чыккан чыйкан.** *Мойдун деген бечаралардын чечекейине чыккан чыйкан болду* (Сыдыгалиев). **Чыйкан болуу.** *Сен атам замандан бери адам менен жан-жаныбарлардын шоруна чыйкан болуп чыктың го* (Жигитов).

**ЧЕКЕЗ** *диал.* Аң, уу куштар үчүн сымдан жасалган отургуч, туур.

**ЧЕКЕЛЕ: чекелеп басуу** Четтеп басуу, чет жак менен, чекеси менен жүрүү.

**ЧЕКЕЛЕШ** Мушташуу, урушуу. *Жусуп Эркиндин белине бутун катуу уруп алып, экөө аз-аз жерден чекелеше кете жаздашты.*

**ЧЕКЕЛЕШТИР чекелеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКЕЛЕШҮҮ чекелеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКЕН** Чоң жалбырактуу өсүмдүктүн бир түрү.

**ЧЕКЕНДЕ** 1. Бир түбүнөн бир нече сабак чыгып, көбүнчө кургак жерлерде топ-топ болуп өсүп, күлү көбүнесе насыбайга кошулуучу өсүмдүк. *Чекенде алып келип бербесем, жарым атым насыбай ала албасыма көзүм жетти* («Ала-Тоо»). 2. Уй шилекей. *Сууга салган чекендей, Сурагы мунун бекемдей* (Арстанбек).

**ЧЕКЕНЕ** 1.Чакан, кичине, кичирээк, анча-мынча, бир аз. *Чекене тойго чаап, эки жолу чыгып, Алымга абийир алып берген* (Жантөшев). 2. Дүңдүн карама-каршысы, жекелей бир бирден. *Бул өндүрүмдүн наркы чекене баада жогору турат. Кээ бир өндүрүмдөр дүңүнөн гана сатылып чекене сатылбайт.* 3. *диал.* Оңой, жөнөкөй.

**ЧЕКЕНЕ БАА** Товардын дааналап же аздан бөлүнүп сатылуучу баасы.

**ЧЕКЕНЕЛЕП** Аз-аздан, кичине-кичинеден, анча-мынчалап. *Түкшүмөлдөп араң билип алгандай, Өз өмүрүн чекенелеп айта алды* (Токомбаев).

**ЧЕКЕР** *диал.* Үй кызматчы, малай. *Эшигинде жүргөн чекери. Кандайдыр бир байдын чекери экендиги көрүнүп турат* (Жантөшев).

**ЧЕКЕСИ ЖЫЛЫБОО** Жарыгыдай, алымсынгыдай абалда болбоо, эч нерсеге жетпөө, жарыбоо, жакшылык көрбөө. *Бул жерге келгендердин чекеси жылып, жаны жай табар деп келгенбиз* (Ашымбаев). *Кулбаш нечен*

*жылдар бою байларда чейрекер болуп жүрүп чекеси жылыбады* (Абдукаримов). *Отунун алдым, суусун куйдум, мергенчилик менен жан сактап, туягым жерде калгандай болду. Чекем жылыбады* (Үмөталиев). **В.: Чекеси жибибөө.** *Ошентип, мындан да чекем жибибесин билдим* (Өмүрбаев). **Чекеси торсойбоо.** *Буларды сыйлап жүрүп мен да жакшы аттуу болбодум, чекем торсойбоду* (Сыдыкбеков). **Чекеси ысыбоо.** *Үйүндө адалдан түгү жок жигитке орточу түшкөн кишинин чекеси ысыбасы белгилүү эле* (Каимов). *Мында кайсы чекең ысып отурат? Же таманыбызды тындырбаса* (Элебаев).

**ЧЕКЕСИН ЧЫГАРУУ** Кандайдыр бир нерсе жөнүндө анча-мынча эле айтып тим болуу, азыраак кабардар кылган болуу, кыйытып коюу. *Апама чекесин чыгарсам унчукпай тим болду* («Чалкан»). **В.: Четин чыгаруу.** *Татыбек тигинин күнөөсүнүн анча-мынча четин чыгарды эле, Садык жууткан жок* (Байтемиров). *Айжаркын бүгүн эрине ошол окуянын четин чыгарды* (Осмоналиев). **Четжакасын чыгаруу.** *Апама бир аз чет жакасын чыгарып айткамын* (Абдукаримов).

**ЧЕКЕСИНЕ БҮТКӨН** Бар болгону, башка жок. *Өзү чекеме бүткөн жалгыз ат* (Элебаев).

**ЧЕКЕСИНЕ ЧЕРТЕ АЛБОО** *к.* **чекеге черте албоо.**

**ЧЕКЕСИНЕН ЧЕРТИП ТУРУП** *к.* **чекеге чертип туруп.**

**ЧЕКИ** Туура эмес, орой, ката. *Жапектин чеки иш кылганын байкап отурам* (Жантөшев). *Бирок тракторду үч күн токтотуп койгонуңар чеки, – деди МТСтин директору* (Убукеев).

**ЧЕКИЛДЕК** Кылыч өңдүү ичке учтуу жалбырактары, көгүш, саргылт же агыш түстүү чоң-чоң гүлдөрү бар топтошуп чыккан өсүмдүк.

**ЧЕКИЛИК** Бейбаштык, туура эместик, орой каталык. *Уяттуу адамдар келди, чекилик кылышпасын, тартип сактап, адептүү болушсун* (Жантөшев). *Кокустан кетсе чекилик, Коёрсуң агай кечирип* («Чалкан»). *Чекилик ишти кылган жок, Чек ара жакка жылган жок* («Эл адабияты»).

**ЧЕКИР** Көздүн карегиндеги темгил, көлөкө. *Чекири жок – кой көздүү, Сепкили жок – ак жүздүү* («Манас»). *Керездин ызакор чекир көзүн жаш чайып, жездесине жал-жал тигилди* (Бейшеналиев).

**ЧЕКИР ЖЫЛАН** Темгил карала болгон көлөмдүү чоң жылан, кобра. *Кунбосун ажого... чекир жыландардын, маймылдардын, шаркыратмалардын, каркыра-турналардын, арстандардын коздугун айтып беришти* (Субанбеков).

**ЧЕКИРДИН ТУКУМУ** *аңч.* Көзү кара куштун бардык түрү кирет.

**ЧЕКИРЕЙ** Чекир көз менен кароо.

**ЧЕКИТ** Жай сүйлөмдөрдүн аягына, кыскартылган кээ бир сөздөрдө (мис. ж.б.) коюлуучу тыныш белгиси.

**ЧЕКИТТҮҮ** Чекит коюлган, чекити көп.

**ЧЕКМЕЛЕ** Чегип сурап, билүүгө аракет кылуу, сыр билдирбей чегип сураштыруу. *Алдыртан чекмелеп сурап, Чоң Койчу тынбай Каныбекти тымызын издөөнүн аракетинде* (Жантөшев). *Сурасам да чекмелеп Теги-жайын билбедим* («Мендирман»).

**ЧЕКМЕЛЕТ** **чекмеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКМЕЛӨӨ** **чекмеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКМУРАТ** 1. Адабий типтүү каарман. 2. *өт.* Бирөөлөрдү тоорuганды жакшы көргөн адам.

**ЧЕКСЕ** 1. Дары салгыч, дарылар салынуучу баштыкча. *Дарыгер аяр билгичтин, Чекседе белен дарысы* («Манас»). 2. *диал. эск.* Болжол менен пуддун үчтөн бир бөлүгүнө барабар болгон өлчөм бирдиги. *Анча-мынча эгини бар дыйкандан чейректен, чекседен гана эгин алып баратат* (Жантөшев).

**ЧЕКСЕЛЕ** Чексеге туура келтирүү, чекседен өлчөмгө ылайыктап ченөө. *Анча-мынча эгини бар дыйкандар чейректеп эмес, чекселеп гана эгин алып баратат* (Жантөшев).

**ЧЕКСЕЛЕТ** **чекселе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКСЕЛӨӨ** **чекселе** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКСИЗ** 1. Чеги жок; учу-кыйры жок, эбегейсиз зор. *Чексиз асман, көк айнектей мелтиреп, Окшошконсуйт биздин жашыл жер менен* (Токомбаев). *Ойлоруңуз Күн нурундай чачырап, Мейкиндиги, Чексиздиги көрүнбөйт* (Акматалиев). *Чексиз сапар, жылат алга кадам жай, Кыз даракка назар салат каранат* (Акматалиев). 2. Болжолсуз, абдан көп, абдан мыкты. *Ой курбалым Дүрдана! Чексиз чебер үн кана?* (Токомбаев). *Эки достун ушул минутадагы кубанычтары чексиз эле* (Жантөшев).

**ЧЕКСИЗДИК** Чеги жоктук, чек болбогондук.

**ЧЕКТЕ** 1. Чегин ажыратып белгилөө, чегин көрсөтүү, айтуу. *Биздин колхоздун жер, суусун чектеп, картасына да тарттым деди Орусбек* (Сыдыкбеков). 2. Ашып кетүүгө же андан тышкары аракеттер жасоого жол коюлбастыгын көрсөтүп чек коюу. *Укугун чектеди.* 3. Белгилөө. *Кулактыкка тартышка чектептир* (Сыдыкбеков).

**ЧЕКТЕЛ** **чекте** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕКТЕН ЧЫГУУ** Жалпы тартипти сактабай аша чабуу, ашыкча кетүү. *Бул чектен чыккан эсирүүчүлүк эмей эмне?* (Осмонали-

ев). *Алдыңкы бригадир болсо да, чектен чыгып кетүүсү эч нерсеге сыйбайт* («Чалкан»). **В.: Чийинден чыгуу.** *Тим койгон сайын чийинден чыгып баратат* («Ала-Too»). *Чындыгында эле ал чийинден чыккан чеки иш кылдыбы* (Айтматов). **Ченден чыгуу.** *Мында конуп жаткандар жалаң эле старчын, жасоол сыяктуу ченден чыккан бейбаштар* (Элебаев).

**ЧЕКТЕТ чекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКТЕШ** Чеги бирге, жанаша жаткан. *Чектеш мамлекеттер. Чектеш эл.*

**ЧЕКТИР чек** этиштеринин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКТӨӨ чекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКТҮҮ** Чек коюлган, чектелген.

**ЧЕКЧЕГЕЙ** Чекчейип бой көтөргөн, чекчейген. *Чекчегей көз.*

**ЧЕКЧЕЙ** 1. Кадала кароо, тикирейе кароо, көзүн чекирейтип тирмие кароо. *Чепти көрүп чекчейип, «Кантебиз» деп мекчейип* («Эр Табылды»). 2. Кекирейген, бой көтөргөн түрдө болуу, мыкчыюу, кекирейүү. *Отундан эрте келбейт – деп, Байбичеси чекчеет* (Барпы). 3. Бышык, өз боюна тың, тартиптүү. *Мектепте жакшы окуган бышык, чекчейген кыз.*

**ЧЕКЧЕЙТ чекчей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКЧЕЙҮҮ чекчей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКЧЕНДЕ** Бой көтөрүү, кырдануу, тынчсыздануу, чыкчындоо. *Сапар чекчеңдеп, сөзгө аралаша түштү* (Бейшеналиев).

**ЧЕКЧЕНДЕТ чекчеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕКЧЕНДӨӨ чекчеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕКЧИ** *сүйл.* Чекте туруучу, чек арачы. *Чекчилер турат тоолордо* (Бейшеналиев).

**ЧЕЛ I** 1. Мал терилеринин ички бетиндеги же эт менен теринин ортосундагы жука кабыкча. 2. Көзгө түшкөн ак, же көздүн карегин каптап калуучу жука кабыкча. *Көздү чел басуу.* 3. Жиптеги жука бүртүкчөлөр, быдыр түкчөлөр. *Жиптин чели.*

**ЧЕЛ II** 1. Мүйүзү менен чолуп алуу, илип ыргытуу, чолуп сүзүү. *Сүзөнөк, күрөң жайылып оттоп жаткандарды жиреп кирип көрүнгөнүн туш келди челип, ыркты бузат* (Бейшеналиев). *Жаман букаларчылап, мүйүзү менен кул челме* (Сыдыкбеков). 2. Чолуп алуу, чолуп чукуу, казуу. *Шиш менен жерди челишип, Томураңдап жаш балдар* (Токтогул).

**ЧЕЛ КАБЫК** Көздү, боорду ж.б. органдарды ошондой эле пияз жумуртка сыякттуу нерселерди каптап турган жука зат. *Жумуртканын чел кабыгы, пияздын чел кабыгы, көздүн чел кабыгы.*

**ЧЕЛДЕ** 1. Терини челинен тазалоо. *Терини жыгачка керип, мокок бычак менен челдеп, майын кырып салат* («Кыргызстан айыл чарбасы»). 2. Ийрилген жиптерди чий менен ары-бери сүрүп жылмалоо, челин, бүдүрлөрүн кетирип текшилөө. *Челдеген жип.*

**ЧЕЛДЕТ челде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛДЕШ челде** этишинин кош мамилеси.

**ЧЕЛДИР чел** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛДӨӨ** 1. Чыйратылган жипти жылмалоо. 2. Жаңы союлган малдын терисиндеги челди кыруу. 3. **челде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛДҮҮ** Чели көп, чел баскан.

**ЧЕЛЕЙ** Агып, соолуп калуу (көбүнчө көзгө карата). *Жерге түшкөндө жыландын эки көзү челейип, агып түшкөн экен* (Баялинов).

**ЧЕЛЕЙТ челей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛЕЙҮҮ челей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛЕК** 1. Суюк нерселерди куюу үчүн ылайыкталып жыгачтан жасалган идиш. *Токтогул максым ачыткан челек менен кырма чөйчөктү көрө коюп, сүйүнүп кетти* (Токомбаев). *Крандын жанында суу толтурулган жыгач челек* (Стамов). 2. *диал.* Чака. *Жамал челекти алып, сууга кетти* (Жантөшев).

**ЧЕЛЕКЧИ** Челек жасоочу. *Жалгыз жыгач боорунан, Жарып алган челекчи* (Токтогул).

**ЧЕЛИ чел II** менен бирдей.

**ЧЕЛИШ чел II** этишинин кош мамилеси. 2. *өт.* Алышуу, кармашуу.

**ЧЕЛИШҮҮ челиш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛК: челк-челк** Көбүнчө аз гана бөксө же толо болгон суюктуктардын урунуп чайкалышын билдирүү үчүн колдонулат. *Кымыз суудай чайкалып, челк-челк этет* (Сыдыкбеков).

**ЧЕЛКЕЙ** Курсагы чоң болуп көрүнүү. *Бээлери турат челкейип, Эшик төрдөй суналган* (Осмонкул).

**ЧЕЛКЕЙТ челкей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛКЕЙҮҮ челкей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛКЕНДЕ** Челкейген көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу. *Челкеңдей басып байбиче, Челекке суусун алганы* («Манас»).

**ЧЕЛКЕНДӨӨ челкеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛКИЛДЕ** Челк-челк этүү, суюктук толтура болуп, чайпала урунуу. *Чээнде жаткан аары чыгып, гүлсорүп, Челкилдеген челек-челек балдары* (Калык).

**ЧЕЛКИЛДЕТ челкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛКИЛДЕШ** Кармашуу, алышуу, салгылашуу.

**ЧЕЛКИЛДЕШТИР челкилдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЛКИЛДЕШҮҮ челкилдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛКИЛДӨӨ челкилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЛПЕК** 1. Майга бышырылган жумшак, жука нан, тегерек чоң боорсок. *Мустафа май сүртүп бышырган челпектен сугуна баштады* (Сасыкбаев). 2. Жука жайылган камыр кошулуп жасалган тамак. 3. *диал.* Калай, аллюминийден жасалган сузгуч.

**ЧЕЛҮҮ чел** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕМЕН** Анча-мынча дарт, кесел, оору.

**ЧЕМЕНДЕ** Ооруп калуу, дарт тийүү, кеселдеп калуу.

**ЧЕМЕНДЕТ черенде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕМЕНДӨӨ черенде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕМИРЧЕГИ КАЙКАЛОО** Аябай тоюу, ашыкча, ашыра тоюу. *Шашпай отуруп, чемирчегибиз кайкалагыча ичтик* («Чалкан»). *– Тойдум, Апай эне. Тим эле чемирчегим кайкалап чыкты* (Бейшеналиев).

**ЧЕМИРЧЕК** 1. Кабырганын уч жагынан тартып, төштүн аяк жагында, ичке жакын турган сөөктүн солкулдак бөлүгү. *Чемирчеги ийилип, курсагы салмактана түшкөндө гана Көкө челекти жерге койду* (Касымбеков). 2. Түбү желе турган өсүмдүк. *Кымыздыгы таяктай, Чемирчеги аяктай* («Семетей»).

**ЧЕМИЧКЕ** *сүйл.* Күн караманын даны. *Чемичке чагуу.*

**ЧЕМОДАН** Үстү жабылма капкактуу, кармоого туткасы бар, жол жүргөндө ар нерсе, кийим-кече ж.б. салууга ылайыкталып, булгаарыдан ж.б. жасалган үкөктүн бир түрү. *Үйгө кирген жоокер жигит колундагы чемоданын бурч жакка койду да, Камка жакка басты* (Сыдыкбеков). *Анын эс-дарты Бейшекенин чемоданынын капкагынын ачылышында* (Бейшеналиев).

**ЧЕМПИОН** Спорттук мелдештерде, оюндарда биринчиликти жеңип алгандарга берилүүчү наам жана ушундай наамга татыктуу болгон адам же команда. *Шахмат оюнунун дүйнөлүк чемпиону. Чемпион деген наамга татыктуу болгон команда.*

**ЧЕМПИОНАТ** Спорттун кандайдыр бир түрү боюнча биринчилик үчүн жүргүзүлгөн спорттук оюндардын мелдеши.

**ЧЕН I** 1. Белгилүү бир орун, жай, жер, аралык. *Саздын орто ченинде катар турган жети өргөө* (Каимов). *Сатар сыртка чыгып, жакын ченде ким бар болду экен деген ой менен айланага байкоо жүргүзө кетти* (Таштемиров). 2. Белгилүү бир убакыт, мезгил, маал. *Май айынын аяк чени, Башайыдай, саймадай* (Бөкөнбаев). 3. Белгилүү бир өлчөм, ченем. *Костюм шымдын ченинен жаңылбас үчүн кийип көрдү* (Каимов). *Алыс эмес жууктун Ченин билген ким экен?* (Тоголок Молдо). 4. Ал, чама, жөнжай. *Бакдөөлөттүн балдары, Чениң менен кутургун* («Манас»).

**ЧЕН II** Кандайдыр бир нерсенин жаны, жакын чет жакасы. *Ченине жолотпойт ...Омор жүргөндө алар балдар бактын ченине келишпейт* (Сыдыкбеков). *Балбаның барбы элиңде? Баатырың барбы чениңде* («Эр Табылды»).

**ЧЕН III** 1. Формалуу кийимдерде (аскердик ж.б. формаларда) ийинге тагылуучу белги. *Сураймын десең эл мына, Кийсең тажы чен мына* (Токтогул). *Анын кызыл чени бар, мурун командир болгон* (Токомбаев). 2. *эск.* Чин.

**ЧЕН IV** Ордо кишилеринин сыйлуу тону.

**ЧЕНДЕ** Жакындоо, жакын баруу, жакындап калуу. *Ой жер экен, сарайчыга али чендеген жокпуз* (Элебаев).

**ЧЕНДЕ ЖОК** Абдан, аябаган, болжолсуз, өзгөчө, бөтөнчө. *Ай десе арк, күн десе көрк, айтор, сулуулугу ченде жок* («Жомоктор»). *Митаамдыгы ченде жок.*

**ЧЕНДЕТ ченде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕНДӨӨ ченде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕНДҮҮ** *сүйл.* Чени бар, даражалуу. *Чендүү киши.*

**ЧЕНЕ** Өлчөө, чактоо, ченемине, өлчөмүнө ылайык келтирүү. *Саатка ченеп, сабагын берет* (Тоголок Молдо). *Баш-аягын метрлеп, Ченеп болбойт акылды* (Үмөталиев).

**ЧЕНЕГИЧ** Жер ченегич. Жер ченөөчү, топограф.

**ЧЕНЕЛ чене** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕНЕЛҮҮ** Чени бар, чени аныкталган, ченелген.

**ЧЕНЕМ** Өлчөм, белгилүү бир чен. *Кең төрлөр,.. жайылган малчынын айтсам, башым адашты. Болжолдоп ченемим жетпеди* (Сыдыкбеков).

**ЧЕНЕМДҮҮ** Белгилүү бир ченемге ылайык, көп ашыкча эмес. *Ченемдүү оокат.*

**ЧЕНЕМСИЗ** Чен жетпей тургандай, өтө мол, көп, абдан. *Бул кандай ченемсиз күч, кандай сырдуу толкун? Ченемсиз балбан мен болом* («Эр Төштүк»). *Чегинен адам өтпөскө, Ченемсиз бекем кылдырган* («Эр Табылды»).

**ЧЕНЕТ чене** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕНЕШ чене** этишинин кош мамилеси.

**ЧЕНИНЕ ЖОЛОБОО** Жакындабоо, жанына жакын келе албоо, даай албоо. *Кулдар андай жыйындын ченине жолой албайт* («Ала-Тоо»). *Мурда ченине жолотпой,*

*теңсинбей жүргөндөр эми анын тегерегине топтолуп, ал түгүл андык болуп алышты* (Байтемиров).

**ЧЕНКОР** Карьерист, мансапкор.

**ЧЕНӨӨ** **чене** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕНӨӨЧ** *анч.* Дары, бытыра ченеген челек.

**ЧЕНСИЗ** Чексиз, абдан, өтө. *Ченсиз чоң. Ченсиз күдүк.*

**ЧЕНТОН** *диал.* Кийиктин терисинен жасалган, күрмө сымал, сары боёкко салынып жасалган кийим.

**ЧЕНЧИ** 1. **ченегич** менен бирдей. *Ченчи, көпөлөкчү орус төрөлөрүндөй жайкысын жайлоодо* (Абакиров). 2. Чалгынчы.

**ЧЕҢГЕЛ** 1. Алаканга толтура жана салааларга кыпчый кармоо үчүн манжалары арбайта ачылган кол жана ошондой ачылган колго туура келерлик өлчөм. *Алиман бирөөнү узуп алып чеңгелиңе салчы, чыныдан чоң көрүнөт* (Байтемиров). *Бир чеңгел эт.* 2. Алгыр куштардын мыкчый кармоо үчүн арбайып жазылган буттары. *Чеңгелин салып качырган, Курч тырмагын батырган* (Барпы). 3. Казанда бышып жаткан этти оодаруу үчүн ылайыкталып жасалган уч жагында үч ача илмек темири бар таякча. *Карабайдын колундагы темир чеңгел кулдун кежигесине тийди* (Жантөшев).

**ЧЕҢГЕЛДЕ** Чеңгели менен аткый кармоо, мыкчый кармоо. *Аскар ылайдан чеңгелдеп балдарды көздөй чачат* (Сыдыкбеков). *Жагалмай чеңгелдеген чымчыкты, чалгындарына калкалап, тез-тез чокуйт* (Токомбаев).

**ЧЕҢГЕЛДЕТ** **чеңгелде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕҢГЕЛДЕШ** **чеңгелде** этишинин кош мамилеси.

**ЧЕҢГЕЛДӨӨ** **чеңгелде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕҢГЕЛИН САЛУУ** Өтө ач көздүк, суктук менен киришип кетүү, ашыра жеп-ичип жиберүү. *Бир мекемеге жетекчи боло калып, чеңгелин салып жиберип растрата болду* («Чалкан»). **В.: Көр чеңгелин салуу.** *Бара элек жатып көр чеңгелин салган тура, эргулуң* («Чалкан»).

**ЧЕҢКИЙ** Көздөрү көгөргөн, көгүш тарткан көрүнүштө болуу, көгөрүп көрүнүү. *Көздөрү чеңкийген кыз.*

**ЧЕҢКИЙТ** **чеңкий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕҢКИЛ** Асмандын өңүндөй көк, көгөргөн түс.

**ЧЕП** 1. Душманды өткөзбөө жана андан коргонуу максатында жасалган чыңдоо, сепил, тосмо. *Бийигин зоодой кылдырып, Жасап койгон чеби ошол* («Манас»). *Шаарды курчаган чептин кырына бирөө чыкты* («Жомоктор»). 2 *өт.* Калканч. *Тоо жердеген бурутка, Тоодой Манас чеп экен* («Манас») *Элиңде өзүң турганда, Эпкин тийбес чеп элең* («Эр Табылды»).

**ЧЕПЕЙ** Арык, жеңил, кичине көрүнүштө болуу. *Чегиртке ыгын келтирсе чепейип төрдө олтурмак* (Сыдыкбеков). *Шадыкан чепейген арык чырай гана сары киши* (Элебаев).

**ЧЕПЕҢ: чепең-чепең** Чепейген арык, кичине кишилердин элпек, жеңил кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧЕПЕҢДЕ** Чепең-чепең этүү. – *Мөкүш туура айтат – деп, чап жаак арык чырай боз бала чепеңдеп тура калды* (Таштемиров).

**ЧЕПИЛДЕ** Өтө жеңилдик менен элпек кыймылдоо, аракеттенүү. *Бектай ачык-айрым, чепилдеген жеңил бала* (Бейшеналиев).

**ЧЕПИЛДЕТ** **чепилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕПИЛДӨӨ** **чепилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕПИЛЕК** *диал.* Чеп-чеп этип кыймылдаган, сүйлөгөн киши.

**ЧЕПКЕН** Кабылбай, шырылбай эндей тигилген же ичи кабылып, сырты бош тигилген тыш кийим. *Токобай чепкенин желбегей жамынып эшикке чыкты* (Каимов).

**ЧЕПКЕНЧЕН** Чепкени бар, чепкен кийип алган. *Көйнөкчөндү чапса, чепкенченге доо кетет* (макал).

**ЧЕР I** 1. Берчтүү шишик. *Өпкө, боордо чериң жок, Же кагынып кеткен жериң жок.* (Тоголок Молдо). 2 *өт.* Капа, кайгы, убайым, чогулуп жыйылган санаа, муң. *Көкүрөктө калың чер мына ошентип басылса* (Каралаев). *Бел, чекеден, Эчен ирет тер кетти, Тери жууп, көкүрөктөн чер кетти* (Турусбеков). *Ит көкүрөгүндөгү черин жибитти окшойт* (Стамов).

**ЧЕР II** Калың, жыш, чытырман токой, калың жыш чыккан бадал. *Токойдон ары барганда көпүрөсүз чоң суу. Чыгыш тарабы болсо өткөөл, татаал майда калың чер* (Жантөшев). *Балырда балык ойногон, Черинде жолборс жойлогон* («Манас»).

**ЧЕР ЖАЗУУ** Бугун чыгаруу, көңүл ачып ойноп-күлүү, кумардан чыгуу. *Биз жеке элдин гана эмес, минтип өзүбүздүн да черибизди жазганга жарайбыз* (Бейшеналиев). *Жаштык, өткөн-кеткенин эскеришип, чер жазып алышсын* («Ала-Тоо»). *Ээн жерде ары-бери басып черин жазды* (Абакиров). **В.: Чери тароо.** *Көптөн бери мынчалык черим тараган жок эле* (Бейшеналиев). *Улардай сайрап отурсаң, Уккандын чери тараган* (Токтогул). **Черден чыгуу.** *Суй жыгылгыча ойношуп, черден чыгышты* (Осмоналиев). **Чери таркоо.** *Өзүнчө ырдап, «Манастан» сабап коюп, чери таркап жүргөндө Дүр чакыртат* (Бейшеналиев). **Чер таратуу.** *Чер таратууну каалаасаң, эртелеп музыка тыңда* (Бейшеналиев).

**ЧЕРДЕГЕЙ** Курсагы чердейген.

**ЧЕРДЕЙ** Курсагы чедирейген көрүнүштө болуу. *Ошол кезде менин көйнөгүмдүн жыртыгынан кардым чердейип турчу* (Элебаев).

**ЧЕРДЕЙТ чердей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕРДЕЙҮҮ чердей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕРДЕНДЕ чедиренде** менен бирдей.

**ЧЕРДҮҮ I** 1. Чер (берчтүү шишик) баскан, чер каптаган. 2. *өт.* Кайгы-капалуу, муңдуу, убайымдуу. *Бизге окшогон чердүү адамдар небактан бери сары убайымга бастырып, санаасы санга, оюу онго бөлүнүп, шору арыла албай келбедиби, балам!* («Ала-Тоо»).

**ЧЕРДҮҮ II** Калың токойлуу, жыш өскөн карагай-буталуу, бадалдуу, чери жыш. *Чердүү жер. Чердүү кокту-колоттун уусун билген көзгө атар мерген* (Сыдыкбеков).

**ЧЕРЕ** *диал.* Көңүл.

**ЧЕРЕПИЦА** Үйдүн чатырын жабуу үчүн ылайыкталып жасалган, бышырылган жука кыш. *Үсту черепица менен жабылган үй.*

**ЧЕРИК черүү** менен бирдей.

**ЧЕРКЕШ** Кавказдын түндүк-батыш жагында жашаган элдин аты.

**ЧЕРМИЙ** *диал.* Чыптама, өпкө кап. *Үстүндөгү мала кызыл көйнөгү, ак седеп топчу тагылган жашыл чермийи, башындагы бир байлам ачык гүлдүү кызыл жоолугу, айтор бардыгы өзүнө жарашкан кыз Жоомарттын оюна оттуу чок салды* (Станалиев).

**ЧЕРТ** 1. Колдун манжаларын (көбүнчө сөөмөй менен ортонду) бармакка таяп туруп, серпип жиберүү, серпе уруу. *Акия эринин кулагын тырс-тырс черткилеп, шак-шак күлөт* (Сыдыкбеков). 2. Кылдуу аспаптарда (комуз, мандолинада ж.б.) колдун манжалары менен ойноо, ошондой аспаптарда кандайдыр бир күнү ойноо, аткаруу. *Тогуз кайрык күү чертсе, Комузга кыйла түр керек* (Тоголок Молдо). *Токтогул черткен «Жаш кыял», Тыңдасаң боло Алымкан* (Токтогул). 3. Көбүнчө ордо ойнунда белгиленген тегеректин ичиндеги чүкөнү ж.б. абалак же томпой менен сыртка уруп, кагып чыгаруу. *Отуруп чертип чүкөнү Абакем кумар жазыптыр* («Эр Табылды»). *Чүкө чертер чоң оюн, Ичке түштү зор Манас* («Манас»).

**ЧЕРТИГИЙ чертик** менен бирдей.

**ЧЕРТИК** Чедирейип чыгып турган (көбүнчө курсак жөнүндө).

**ЧЕРТИЛ черт** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕРТИШ черт** этишинин кош мамилеси.

**ЧЕРТИШМЕК** Чертишип ойноочу оюн. *Ага чейин экөөбүз чертишмектен оюн баштап, алыбызды өлчөшүп туралы* («Жомоктор»).

**ЧЕРТМЕК** *сүйл.* 1. Комуз. *Эң акырын, дабыш катуу билинбейт, Чертмегинин алтын кылы дирилдейт* (Токомбаев). *Элес-булас элестериң көрүнүп, Эски күндөр, тереземди чертпегин* (Акматбекова). 2. Ордо ойнунда чүкөнү чертип чыгарууга жол берилген абал. 3. *аңч.* Тордун тээктөөчү тээги.

**ЧЕРТМЕКЧИ** 1. Комузчу, комузду мыкты, жакшы черте билген адам. 2. Ордо ойнунда чүкөнү мыкты черте билген оюнчу.

**ЧЕРТТИР черт** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕРТҮҮ черт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕРҮҮ** 1. Аскер, кол, кошуун. Эпосто кээде жортуул, согуш маанилеринде да айтыла берет. *Арттан келер черүүгө* («Манас» С.О.). *Кокондуктардын ала чапан черүүсүн көргөндөн бери үшүңөр учуп, баратасыңар* (Абакиров). *Черүүнү чексиз алыптыр, Беленденип калыптыр* («Манас»). *Эки черүү кирип калды чабышка* (Токомбаев). 2. Жүрүш, жортуул. *Жаман жарманын кызуусу менен черүүгө аттанат* (макал). *Ар кимибиз камынып, Аттанабыз черүүгө* («Курманбек»).

**ЧЕСУЧА** Саргыл ак түстөгү тыгыз жибек.

**ЧЕТ** 1. Бир нерсенин чеке жагы, жээк жагы, түгөнгөн жери, уч жагы. *Көсөл күрөң бээни огороддун четине алып барып аркандады* (Каимов). *Селонун чыгыш жаккы четинде окшош салынган бир нече үй* (Жантөшев). 2. Башка, бөлөк, бөтөн (мис. өлкө, жер жөнүндө). *Чет эл. Чет мамлекет. Чет өлкө. Чет тил.* 3. Обочо, сырт жак, оолак. *Ооруну шылтоолоп четте калганым болбос деп, басып келдим, Сабыржан* (Сыдыкбеков).

**ЧЕТЕН** Тосмо (арабанын үстүндөгү жээк тосмосу. *Заматта ошентип ыргайдан токулган четендүү, ичиндеги мөмөлөрү жалбырак, бакал менен оролгонуна карабастан, туш-тарапка жагымдуу жыт чачкан калдайган араба чоң-кичинелердин кырчоосунда калар эле* (Мавлянов).

**ЧЕТИ ОЮЛБОО** Бир аз эле азаюу, мурдагы абалынан кебелбөө, анча короп кетпөө. *Маречек Орто Азиянын али чети оюла элек байлыктарын санап өттү* (Ашымбаев). *Өзүнөн өзү куурап, чирип жаткан токоюңуз жалгыз чокундугуңуздун чокчойгон тамына чети оюлуп койбойт* (Бейшеналиев).

**ЧЕТИН** Топ-топ болгон саргыч кызыл бүрлөрү бар, түз өсүүчү катуу жыгач. *Каныбек четиндердин арасы менен басып барды* (Жантөшев). *Чычырканак, шилби, четин, долоно, Өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул).

**ЧЕТИН ЧЫГАРУУ** *к.* **чекесин чыгаруу.** *Апама бир аз четин чыгарган элем* (Абдукаримов).

**ЧЕТКЕ КАГУУ** Жокко чыгаруу, туура

көрбөө, кабыл албай, жуутпай коюу, жолотпоо. *Арга жок, улуу адамдын өтүнүчүн четке кагуу да кыйын экен* (Исмаилов). *Сөзүмдү четке какпассыз деп ойлоймун. Тойматтын сөзүн четке кагууга негиз таба алышпады* (Каимов).

**ЧЕТКЕРИ** Чет жакта.

**ЧЕТКИ** Чет жактагы. *Садык четки райондун колхозунун биринде жылкы фермасынын башчысы болуп иштөөчү* (Каимов).

**ЧЕТТЕ** Четке бөлүнүү, обочолоо, оолактоо. *Айсалкын курбуларынан четтеп, жайдары. мүнөзү өзгөрүп, суз болду* (Каимов). *Ала-моюн каз сулуу, өрдөк сулуу, Күүгүм талаш айылдан четтеп учкан* (Самудинов).

**ЧЕТТЕН ЧЫГУУ** Оңой эле табыла калуу, көп болуу. *Мындай таза буюмга кардарлар четтен чыгат. Бышкан мөмөгө күзөтчү болушка адам четтен чыгат* (Сыдыкбеков).

**ЧЕТТЕТ** **четте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕТТИК** 1. *дин.* Орозо кармаар күндүн алдыңкы кечинде элге (көбүнчө кошуналарына) берилген тамак. 2. Тердиктин четинде сайылган оюу. 3. *диал.* Бет жерлерде тикенектүү болуп өскөн өсүмдүк.

**ЧЕТТӨӨ** **четте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЧ I** Көздүн карегин баскан кичине чел, ак. *Жумаалы далдайган, чоң, кара чаар, бир көзү чеч, туңкуйган кара сакал неме* (Бейшеналиев).

**ЧЕЧ II** 1. Кырманда иштегенде колдонула турган бешилик айры. 2 *эск.* Кырманда тазалангандан кийинки үйүлүп коюлган дан жана ошого карата көбүнчө улак союп элге берилүчү тамак. *Зөөкурду шайтан кысканда, Келе жатып жолукту, Чеч байлап кырман сунганга* (Тоголок Молдо).

**ЧЕЧ III** Байланган, түйүлгөн нерсени бошотуу, ажыратуу, чыгаруу. *Галстугун мойнунан алды чечип, Кызыл туудай көтөрдү желбиретип* (Шүкүрбеков). *Артем баштыгынын оозун чечип жатты* (Жантөшев). *Азандан үйдү чечкиле, Бирөөң да калбай көчкүлө* (Үсөнбаев). 2. Кийилген кийимди үстүнөн кайра алуу, алып таштоо. *Жигит тыш кийимин чечип жеңилденди да, катарга отурду* (Убукеев). *Жыртык тонун чече коюп карыя, Орой салды арык, тууруk баланы* (Токомбаев). 3. Жообун табуу, жандырмагын баяндап айтуу. *Керкибайдын баш катырган көп суроолорун энеси чечип бере баштады* (Каимов). 4. Чечимге келүү, жыйынтык чыгаруу, жыйынтыгын белгилеп көрсөтүү, жүзөгө ашыруу. *Акыр бир күн Сен ал сурап келерсиң, таарынычымдын таңгактарын чечермин* (Абдалова).

**ЧЕЧЕК** 1. Денеге ыйлаактанып, исиркектенип чыгуучу, адамды чыйрыктыра турган оор, жугуштуу оору. *Ал жигит арык чырай келип, бетинде чечектин тактары бар* (Абдукаримов). *Чегилбей чечек албайбы* («Манас» С.О.). 2. Тилдөө маанисинде көбүнчө балдарга карата айтылуучу сөз. *Кет, чечек, жолобогун, арам тамак, – деп айтып айдап салды «чоң» байбиче* (Токобаев). 3. *диал.* Байчечекей.

**ЧЕЧЕК ЧЫККАНСЫП** Элден качып, эл арасынан безип, жалгыз үй олтуруу.

**ЧЕЧЕКЕЙ** Каректин ичиндеги суулуу шарча. *Өлчөөсү жок өзгөчө, Чечекейи чарадай* («Манас»).

**ЧЕЧЕКЕЙГЕ ЧЫККАН ЧЫЙКАН** *к.* **чекеге чыккан чыйкан.**

**ЧЕЧЕКЕЙДЕЙ** Өтө жакын, абдан жакын, көздөй. *Бакыр алдуу, кой шыйрактуу бечара элек,.. чечекейдей жалгызымдын жанына аралжы боло көр* (Токомбаев).

**ЧЕЧЕКЕЙИ ЧЕЧ** Жадырап-жайнап көңүлү куунак, жарпы жазык, өтө жайдары, кубанычтуу. *Анын чечекейи чеч өңдөнүп, маңдайы жарыла сүйүнгөнүн көргөнү ушул* (Ашымбаев). *Эки тарап чогуу сый тамак үстүндө чечекейи чеч, ынтымак сыймыгын опурултту* (Бейшеналиев). *Муну уккандар бул экөөнөн бетер чечекейи чеч* (Өмүрбаев). *Бактыбек мактанган калыбында чечекейи чеч болуп, апасына жаркылдаган мүнөз менен карады* (Таштемиров). *Супахандын чечекейи чеч, Анарханга айтууга сөз, берүүгө аш таппай, үйрүлүп үстүнө, айланып астына түшүүдө* (Жантөшев).

**ЧЕЧЕКЕЙИН СООЛТУУ** Катуу кырсыктатуу, өтө айласыз кыйын абалга дуушар кылуу, ошондой оор абалда калуу. – *О, жараткан! Көп күнөө, арбын айыбым болсо, кечи-ир-р. Чечекейимди соолтпо* (Бейшеналиев). **В.: Чечекейи челейүү.** *Анда чечекей челейеби?! Төрт айлабыз куурулуп карайлап буттук го?!!* (Бейшеналиев).

**ЧЕЧЕН** Сөзгө чебер, мыкты, көркөм сүйлөгөн адам. *Баатырдын көркү маңдайда, чечендин көркү таңдайда* (макал).

**ЧЕЧЕН СӨЗДӨР** *адаб.* Толугу менен фольклордун талабына жооп берүүчү, кырдаалга ылайык айтылганда: курчтугу, таамайлыгы, маанисинин терендиги менен айырмаланган, чечен адамдар тарабынан оозеки айтылган сөздөр.

**ЧЕЧЕНДИК** Чечен, мыкты сүйлөгөндүк.

**ЧЕЧЕНСИ** Өзүн чечен, мыкты, кыйын, сүйлөгөндөй көрсөтүүгө аракет кылуу, чечен көрүнүмүш болуу.

**ЧЕЧЕНСИН** **чеченси** менен бирдей. *Өзү сүйлөп, өзү каткырат. Чеченсинет, куудулсунат* (Стамов).

**ЧЕЧИЛ** **чеч** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕЧИЛҮҮ** 1. **чечил** этишинин кыймыл атоочу. 2. Көңүлү жибип, кенен сүйлөп калуу, жарпы жазылып, бажырап ачыкайрым кепке келүү.

**ЧЕЧИМ** Кандайдыр бир маселе боюнча эмнелерди иштөө керек экендиги көрсөтүл-

гөн жыйынтык, токтом, корутунду ой.

**ЧЕЧИН** **чеч** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЕЧКЕ** 1. Илгерки токуучулардын жип тарай турган тарагы. 2. *өт.* Мыкты, жандуу, шайдоот. *Чечкей болгон бала. А дегенде тегеле чечкедей болуп турдуң эле, азыр мааниң бошоп калды го*?

**ЧЕЧКЕДЕЙ ЖАРОО** Колунан келүү, аткара алуу. *Ал ага чечкедей жарайт. Мен ишке чечкедей жарайм.*

**ЧЕЧКИН** Олку-солку эмес, шар; оюн, чечимин ачык жана даана билдирген, чечкиндүү. *Биз чечкинбиз шилтеп турган болоттой, Көрбөгөнбүз кездешкенди жоготпой* (Токомбаев). *Күлүкан өзүнүн чечкин жообун айтты* (Абдумомунов).

**ЧЕЧКИНДИК** **чечкиндүүлүк** менен бирдей.

**ЧЕЧКИНДҮҮ** **чечкин** менен бирдей. – *Аскар Орусбекке чечкиндүү жооп кайрыды* (Сыдыкбеков).

**ЧЕЧКИНДҮҮЛҮК** Чечкиндүү болуу сапаты, чечкиндүү болгондук. *Инисинин чечкиндүүлүгүнө Бейшеке ыраазы болду* (Бейшеналиев). *Бул кыздагы жөнөкөйлүк менен чечкиндүүлүк кимди болбосун өзүнө тартмайынча койбойт* (Шимеев).

**ЧЕЧКОР** 1. *диал.* Кыбачыл. *Кол өнөрдүн сырын түшүнгөн чечкор адам эле.* 2. Чечке катышуучу адам.

**ЧЕЧМЕЛЕ** Маанисин, жообун, сырын ж.б. чечип көрсөтүү, түшүндүрүү.

**ЧЕЧМЕЛӨӨ** **чечмеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЧТЕ** Толтуруп, ныктап салуу. *Бир капка буудайды чечтеп туруп бууп бердим.*

**ЧЕЧТЕЛ** **чечте** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЕЧТИР** **чеч** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЕЧТҮҮ** Ак түшкөн көздүү болуу.

**ЧЕЧҮҮ** **чеч** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЕЧҮҮЧҮ** Чече турган, жыйынтыктоочу; корутундулоочу, негизги. *Чечүүчү роль. Чечүүчү добуш.*

**ЧИГЕ I** Чүкөнүн ичин көздөй кирип чуңкурайган жагы, бөгүнүн карама-каршы жагы, чик.

**ЧИГЕ II** Көбүнчө эчкилерди кайырууда, тосууда, айдоодо колдонулат.

**ЧИГИРИМ** Койдун, эчкинин терилеринен жасалган жумшак булгаары. *Өтүгү чигирим булгаарыдан кептүү тигилген* (Сыдыкбеков).

**ЧИГИТ** Пахтанын уругу. *Чигити жерге көмүлсүн, Көзеги көзгө көрүнсүн* (Осмонкул). *Чигит май.*

**ЧИГИТТЕ** *диал.* Пахтаны уругунан ажыратуу.

**ЧИДЕР I** Атты үч буттап тушоо үчүн ылайыкталып кайыштан өрүлүп жасалган тээктүү тушоо, кишен. *Мен күрөң байталдын үч бутуна чидер салып коё берсем, ушул иримге түшүп өлгөн болуучу* (Сыдыкбеков). *Коңкулбоз атын жайдактап, Алтын бурма чидерди Алып келип баймактап* («Манас»). *Күдөр кайыш кол чидер, Курай тушап салды дейт* («Эл адабияты»).

**ЧИДЕР II** **чидээри** менен бирдей.

**ЧИДЕР III** 1. Бут менен бирөөнү чалуу. *Жакадан алып булкушуп, ат үстүндө чидерип, кармашып жаткан кезинде* (фольк.). 2. *диал.* Толгоо келгенде кызганып, көзгө далдаа жерге качуу.

**ЧИДЕРЛЕ** Чидер салуу.

**ЧИДЕРЛЕТ** **чидерле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИДЕРЛӨӨ** **чидерле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИДЭЭРИ** Толготуу, мал туур алдында тынчы кетип, оолактап, обочо кетүү. *А мен болсом, жанагы кер бээ чидээрип калыптыр, аны Кара-Колоттун башындагы өткөчөгө аркандап, жанына жатпасам болбойт, – деди* («Ала-Тоо»).

**ЧИЕ I** Кичирээк кызыл-кызыл жемиштери бар жыгач жана анын жемиши. *Өзөндүн ичинде карагат, чычырканак, чие сыяктуу дарактар көп болучу* (Байтемиров).

**ЧИЕ II** Илмек байланбагандыктан кыйындык менен чечилүүчү татаал түйүн.

**ЧИЕ КАРАГАТ** Кара, кызыл карагаттар (бөрү карагаттан башкасы).

**ЧИЕДЕЙ** 1. Чие өңдөнгөн. 2. *өт.* Кызыл чиедей. Кичинекей жаш, майда балдарга карата айтылат. *Ал мына бул кызыл чиедей жаш балдарлуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев).

**ЧИЕЛЕ: чиелеп байлоо** Илмек же башка түрдө байлабай, чие кылып байлоо, чатыш байлоо, түйүн-түйүн кылып байлоо.

**ЧИЕЛЕН** 1. **чиеле** этишинин өздүк мамилеси. 2. *өт.* Татаалдануу, чатышуу. *Чиеленген жаратылыш сырларын, Бирден талдап, элдик кылып чечейин* (Токомбаев). *Экөөнүн оюу барган сайын чиеленип, келечек үмүттөрү терске чыгуучудай* болду (Жантөшев).

**ЧИЕЛЕНТ** **чиелен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИЕЛЕНҮҮ** **чиелен** этишинии кыймыл атоочу.

**ЧИЕЛҮҮ I** Чиеси көп, чие жыш өскөн. *Коктунун чиелүү бети.*

**ЧИЕЛҮҮ II** Чатышкан, чиелүү маселе. Татаалданган, түшүнүүгө, оңоюраак чечүүгө мүмкүн бобогон. *Чиелүү ой. Чиелүү маселе.*

**ЧИЙ I** 1. Топ-топ болуп бийик өскөн, сабактары ичке, катуу өсүмдүк. *Чийдин бийиктиги атчан кишинин бою менен тең* (Элебаев). *Кара жол бойлоп өскөн чийди аралап, Көрүндү киши башы сереңдеген* (Турусбеков). 2. Боз үйдүн керегесинин сыртынан калап коюуга же бир нерсени тосууга ж.б. колдонулуучу ушул өсүмдүктүн катуу

сабактарынан жип чырмалып жасалган буюм, калканч. *Капшыттан туурдукту ачып, чийди көзөп, Сундурдум ак бараңды төшүн көздөп* (Үмөталиев). 3. *диал.* Тамеки парниктерин жабуу үчүн согулган камыш бойро.

**ЧИЙ II** 1. Сызуу, тартуу, сызык жүргүзүү. *Куду сендей чертёж чийген кыз көрсөм, Мүнөзүмдөн алагдылык кезигет* (Токомбаев). *Былтыр чийген чарбачылык картасын Быйыл кайта башка кылып тартасың* (Токомбаев). 2. Жазуу. – *Болуптур, мектеп көчүрүлсүн деп токтомуңарды чие бергиле* (Сыдыкбеков). *Ошентсе да, Уялдымбы, кайтарып кат чийбегем* (Нуркамал). 3. Тилүү, из түшүрүү, из салуу. *Буурусун чийген чийин жок, Суур казган ийин жок* («Манас»). *Дүйнө түшүп керемет алакетке, Бир чоң мээнин чиймеси жанат көктө* (Токтомушев).

**ЧИЙ III** *диал.* Түпөйүл, жүрөкзаада. *Жүрөгүм чий болуп турат.*

**ЧИЙ БАРКЫТ** Жол-жол кырлуу кездеме.

**ЧИЙ КӨБҮК** Жаңы эттин биринчи кайнаганда чыккан көбүгү, иткел. *Кубат шашкалактап, чөмүч менен эттин чий көбүгүн алып жатты* (Жантөшев).

**ЧИЙ СОГУУ** Чийден үй ичине керектелүүчү ар кандай буюмдарды жасоо ыкмасы.

**ЧИЙ ЧЫРМОО** Ар түскө боёлгон жүндөр же жибектер менен чийге чырмалып салынган коздук. *Туштук сайып саймалап, Жибек менен чий чырмап* («Эл адабияты»).

**ЧИЙГЕ АЛЫП КОЮУ** *к.* **жерге алып коюу.**

**ЧИЙДАН** *эск.* Койчулардын, малчылардын сырт кийими.

**ЧИЙДЕЙ** Ичке катыңкы, арык.

**ЧИЙДЕМ** *диал.* Чалап.

**ЧИЙДИМ** *диал.* Кичине канаттуу. *Чийдим-чийдим, чийдим куш, чий үстүнө конгон куш.*

**ЧИЙДИР** **чий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИЙЕ I** *диал.* Чычкандын баласы.

**ЧИЙЕ II** *диал.* Эликтин анча чоңоё элек, чаары түшө элек баласы.

**ЧИЙИЛ** **чий** этишинин туюк мамилеси.

**ЧИЙИЛҮҮ** **чийил** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИЙИМ** 1. Оюу-чийүү. *Ар түрдүү түстөгү оюм-чийим менен жасалган шырдак* (Каимов). 2. Чийин.

**ЧИЙИН** Чийилген сызык. *Буурсун чийген чийин жок, Суур казган ийин жок* («Манас»). *Чийип койгон чийинди, Кара баспай, ак басып, Кыйшыгы жок так басып* («Манас»).

**ЧИЙИНДЕН ЧЫГУУ** Жалпы эрежеден чыгуу, ашкере кетүү, тартиптен чыгып кетүү. *Тим койгон сайын чийинден чыгып баратат* («Ала-Тоо»).

**ЧИЙИНДҮҮ** Чийини көп.

**ЧИЙКИ** 1. Бышырылбаган, кайнатылбаган, куурулбаган, бышырылып толук даяр болбогон (азык-түлүк, тамак-аш жөнүндө). *Чийки эт койбой салгыла, Бүт бышырып алгыла* («Эр Табылды»). *Чийки ботко. Чийки нан.* 2. Быша элек, али бышып жетиле элек (мөмө, жемиш, эгинге карата). *Чийки өрүк Чийки дарбыз.* 3. *өт.* Абдан бүтпөгөн, чала. *Артым чийки акталбай, Айдалып кетер бекем деп, Ар нерсени ойлоном* (Токтогул). *Бул да болсо анын жаштыгы, чийкилиги эле* (Стамов).

**ЧИЙКИ БУЮМ** Иштетилбеген зат, иштетилбеген материал, технологияга салып даярдалбаган кам тамак-аш. **В.: Чийки мал.**

**ЧИЙКИ МАЙ ЖЕГЕНДЕЙ БОЛУУ** Кандайдыр бир нерседен кооптонгондой ойлонуп тынчы кете берүү, сары санаа болуу, жүрөгү түпөйүл болуу. *Жылкычы акем ушуну айтты да үйүнө кетти, чийки май жегендей болуп түпөйүл боло түштүм* (Бердикеев). *Булар эмне үчүндүр ушул убакка чейин чийки май жегендей болуп жасалма штатта жүргөнүнө өкүнүшөт.*

**ЧИЙКИЛ** Адамдын өңүн билдирүүдө ошол өңгө кошумча түс берүүдө колдонулат. *Татыбектин сары чийкил өңү өзгөрдү* (Байтемиров). *Сурмалуу көз, чийкил өңү, Жалт-жулт этет кубанып* (Токомбаев).

**ЧИЙКИЛЕЙ** Чийки бойдон, быша элек түрүндө.

**ЧИЙМЕ** 1. Чийилген сызык; жүргүзүлгөн оюу-чийүү. *Ташты чегип чийме салган ташчыдай, Эмгек менен кырк алтыны аттаган* (Токомбаев).

**ЧИЙМЕКЕЙ:** **иймекей-чиймекей** Ийрибуйру, текши эмес, каршы-терши. *Аскар өзү чоң болгондогу тарткан картасын көр, иймекей-чиймекей бирдеме* (Сыдыкбеков).

**ЧИЙМЕЛЕ** Чийүү, сызуу, жазуу, чийгилөө. *Үйрөң-сүйрөң чиймелеп өз-өзүнө сүйлөнөт* (Бөкөнбаев). *Колдо калем, ак кагазды чиймелеп, Күңгүрөнөт, күлүмсүрөп сөз курап* (Шамшиев).

**ЧИЙМЕЛҮҮ** Чиймеси бар, оюу-чийүү түшүрүлгөн.

**ЧИЙМЕЧИ** 1. *диал.* Териден жасалуучу буюмдардын бетине ар кыл оймо-чиймелерди түшүрө билген устат.

**ЧИЙНЕ** Чөп, саман ж.б. ташуу үчүн колдонулуучу ортосу майда чабак жыгачтар менен бириктирилген эки узун жыгач сүйрөткү. *Тоолордон чийне менен чөп, эгин ташып жүргөнбүз* (Абдукаримов). *Машиналар көбөйүп, Таштаган экен чийнени* (Тоголок Молдо).

**ЧИЙНЕЧИ** Чийне менен иштеген адам. *Эки чийнечи Көкбашынын короосунун бастырмасынын түбүндө олтурат* (Бейшеналиев).

**ЧИЙҮҮ** **чий** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИК чиге I** менен бирдей.

**ЧИКЕ** Куудул, тамашакөй. *Жайытын таап жайлоогo, Конгон жигит жакшы экен. Сүрлүү элдин чикеси, Болгон жигит жакшы экен* (Терме).

**ЧИКЕЛЕК** *диал.* Чикит.

**ЧИКЕРТ** 1. Жеңил оору. *Эмне чикертиң бар?* 2. Наааразылык, ыраазы эместик.

**ЧИКЕРТТЕ** Бир аз ооруп калуу, табы жок боло калуу. *Сен эмне, чикерттеп турасыңбы?* (Бейшеналиев).

**ЧИКИЛДЕК чикит** менен бирдей.

**ЧИКИЛДИК чикит** менен бирдей.

**ЧИКИТ** Узундугу 60–70 *см* келген таяк менен узундугу бир сөөмчө келген таякчаны чаап ойноочу балдар оюну жана ушул оюндун чабылып ойнолуучу кичинекей жыгачы.

**ЧИКЧИЙ** Кичинекей жана тыкан, бышык кебетеде болуу.

**ЧИКЧИНДЕ** Чикчийген кебетеде тыкчындоо, тикчиндөө.

**ЧИКЧИНДЕТ чикчинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИКЧИНДӨӨ чикчинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИЛ** Кекиликтен кичирээк, боз түстөгү канаттуу, илбээсин. *Эсенгелди жайында кекилик атып келсе, кышында эски кырманга тузак тартып чилди жөн эле шатектеп кармоочу. Керме-Тоонун арасын, Кекилик, чил жойлогон.*

**ЧИЛ БАШ** Жаш, кичине. *Азырынча ал өзү өңдөнгөн чил баштарга кошулуп бир туруп улак секиртмей ойношот* (Акматов).

**ЧИЛ БООР** Өтө боорукер, тууганчыл. *Булардын кичинекей балдарынан өйдө чил боор болот* («Ала-Тоо»). *Балдарынын баары чил боор болуп өсүшкөнүн баамдап отуруп, «буларды тарбиялаган атасы болду бекен, же энесиби?» деген ойго чөмүлдүм* (Сыдыкбеков).

**ЧИЛ ЙААСИН** Йаасин сүрөсүн кырк жолу окуу. Адам ооруганда кырк жолу кайталанып окулат. *Чил жаасынды көп окуп, Карыгандар жөнөдү* («Эл адабияты»).

**ЧИЛБАРЧА** 1. Майда-майда бөлүнүп, чачырап кетүү. 2. Таш талканы чыгуу, талкалануу, кыйрап кетүү.

**ЧИЛГЕ** *диал.* Анделек, коон. *Туш тараптан чилге жыты буркурайт.*

**ЧИЛГИ** 1. Эрте быша турган, майда дандуу мөмө жемиши. *Базыл аке огородунун жарымына асилдүү чилги жүгөрүдөн айдаптыр* (Касымбеков). *Март колдуу дыйкан абышка чилги жүзүмдөн бир себет алып келип койду. «Жегиле, балдарым» деди өтүнүп* (Абдыраманов). 2. *өт.* Жүдөө, мажүрөө.

**ЧИЛДЕ: кышкы чилде** Кышкысын болуучу абдан суук кырк күн. *Кышкы суук чилдеде Сарайыңды жылуула (*Калык). **Жайкы чилде** Жайкысын болуучу өтө ысык кырк күн. *Жай чилдеде Кетмен чаап төккөн тер, Жайнап келет Капчыгайга эмгекчи эл* (Маликов).

**ЧИЛДЕЙ ТАРОО** Өз бет алдынча бытырап кетүү, туш-тушка бириндеп тарап кетүү. *Үйүбүз чечилбей, казаныбыз кайнаган боюнча калып, чилдей тарадык* (Саатов). *Балдардын мектеп дүңгүрөтө жамырап чыгып, туш-тушка чилдей тарап чуркап жөнөөрүн элестетти Момун* (Айтматов). *Кечээ эл чилдей тараганда Чонор баатыр: «Өлсөм да Берен менен бир чуңкурда болом» деп, кошо кеткен* (Осмоналиев). **В.: Чилче тароо.** *Атасыз калган үйдүн балдары чилче тараптыр* (Айтматов).

**ЧИЛДЕШИР** *диал.* Учук оорусу. *Чилдеширге айланып, Карагаттай көзүмө.*

**ЧИЛДИРМА** *диал.* Териден алкакка керип, тегерете майда коңгуроолор таккан музыкалык курал. *Кыскасы дапты чалдырып, чилдирманчыны айттырып койгун дечи! – деп Супахан чоң тойгон каздай майпандап көчөгө карай жөнөдү* (Жантөшев).

**ЧИЛИСТЕН** 1. Диний китеп. *Чилистен окуган молдо.* 2. *өт.* Окумуштуу, атактуу. *Окуп жатып чилистен болбодуң.*

**ЧИЛИСТЕН БОЛСОҢ ДА** Өтө кыйын, мыкты чыгаан адам, окумуштуу болсоң да деген мааниде кекетүү, какшыктоо иретинде колдонулат. *Айылга китеп окуганы келдиң беле? Чилистен болсоң да жап кагазыңды* (Жусупов).

**ЧИЛМЕРДЕН I чилтен** менен бирдей.

**ЧИЛМЕРДЕН II** Жаргак менен капталган тегерек музыкалык аспап. *Чилмерденин кактырып Жыйналышып бастырып* («Эл адабияты»).

**ЧИЛМИГИЙ чилмий** менен бирдей.

**ЧИЛМИЙ** Өтө арык, ичке, катыңкы көрүнүштө болуу. *Адамдын боору ооругандай чилмийген колун калтыратып, жаман мата көйнөгүнүн этеги менен эңкейип, жашын сүртүп жатты* (Элебаев).

**ЧИЛМИЙТ чилмий** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИЛМИНДЕ** Өтө арык, катыңкы кебетеде, кыймыл-аракетте болуу. *Атасы комузун алганда, бала чилмиңдеген бойдон куржундагы атасынын тактекесин сүйрөп келип, тетиктеги илмегин атасынын колуна илди* (Элебаев).

**ЧИЛМИНДЕТ чилминде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИЛМИНДӨӨ чилминде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИЛТЕН** *миф.* Адамдын көзүнө көрүнбөгөн, кандайдыр бир укмуштуудай касиетке ээ болгон жандар. *Кырк чилтен жардам бериптир, Кыраанын абаң жаркырап, Калкына аман келиптир* («Эр Табылды»).

**ЧИМЕЙИЛ** Кумурска, кумурсканын ки-

чинекейи. *Быйыл жаз келери менен чимейил жайнап чыкты, жай кургакчыл болот өңдөнөт.*

**ЧИМЕК** *диал.* Аарынын кичинекей келген бир түрү.

**ЧИМЕЛИ** 1. Майда кумурска. *Жарганаттай жалгыз, куландай куйрук-жалсыз, чимелидей алсыз – мен. Кана, менден алып бүтө элек дагы кимден өчү бар* (Жантөшев). 2. *өт.* Кичинекей, өтө эле алсыз.

**ЧИМИР** Өз огунда катуу, тез тегеретүү, айлантуу. *Балкачы дөңгөлөктү туура жыгачтарынан кармап туруп бек чимирди* (Сыдыкбеков).

**ЧИМИРИК** 1. Чимирип ойноочу оюнчук. *Чимирик чимирүү. 2.* Чимирилген абал. 3. Өтө тез, шамдагай, элпек кыймыл-аракет. *Чар көпөлөк чимирик, Кылга бармак илинип* (Токтогул). *Мурат ансайын эпилдепжепилдеп, жаны-маны калбай чимирик болуп чимирилип кетти* (Байтемиров).

**ЧИМИРИКТЕЙ** Өтө тез, бат. *Чимириктей айланган автобустун күүсү, терезеден моюн созгондорго үлп-үлп жел чакырат* (Бейшеналиев).

**ЧИМИРИКТЕТ чимирикте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИМИРИКТӨӨ чимирикте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИМИРИЛ чимир** этишинин туюк мамилеси.

**ЧИМИРИЛТ чимирил** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИМИРҮҮ чимир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИМКИР** Мурун аркылуу катуу дем менен мурундан чимкирикти чыгаруу. *Күлгө быр эттире чимкирип, мурдун тартып, бышактап ыйлап очоктун жанында жеңем отурат* (Элебаев).

**ЧИМКИРИК** Мурундан чыгуучу илээшме зат. *Балдардын кээси чимкиригин куюлтуп, ата-энесине келип жетти* (Жантөшев).

**ЧИМКИРИН чимкир** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧИМКИРТ чимкир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИМКИРҮҮ чимкир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИН** Аскердик жана жарандык кызматчылардын кызматтык даражасы. *Офицердик чин. Жарандык чин. Аскердик чин.*

**ЧИНОВНИК** 1. Мамлекеттик мекемелерде иштөөчү даражалуу, башкаруучулук укугу бар, чини бар кызматчы.

**ЧИПСЫ** Майга кытырата куурулган картошканын жука тилимдери.

**ЧИПТА** Темир жолдун бети.

**ЧИРЕ** Менменсине ишенүү, бекем ишеничте болуу, таянуу. *Баатыр бекен от жүрөккө чиреген? Байкуш бекен элден кайыр тилеген?* (Токомбаев).

**ЧИРЕЛЕ** Буту-колун абдан керүү, буттарын абдан чирене керүү, кере сунуу.

**ЧИРЕЛЕН чиреле** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧИРЕЛЕТ чиреле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИРЕН** 1. Керилүү, созулуу, колду-бутту керүү, чоюу. *Мөкүш бутун сунуп, аябай чиренди да, эстеп оозун чоң ачып койду* (Таштемиров). *Экөө аргамжыны чирене тартышат да, чалкасынан кетет* («САЖИ»). 2. *өт.* Бой көтөрүү, кыйынсып керкейүү, кекирейүү. *Дүйнөгө мас болуп чиренбеген токтоо жигит* (Сыдыкбеков).

**ЧИРЕНТ чирен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИРЕНҮҮ чирен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИРИ** Ным болгондуктан көгөрүп бузулуп кетүү; борсуп бузулуп кетүү. *Жаанчачын болсо, чабылган чөп чирип кетет* (Баялиннов).

**ЧИРИГЕН БАЙ** Абдан бай, ашкан бай, байлыгы мол, бардык жагынан жетиштүү. *Чириген байлар да сенчелик марттык кыла албайт* (Бейшеналиев). **В.: Сасыган бай.** *Кээ бир сасыган байларың өз малын өзүнөн аяйт* («Ала-Too»).

**ЧИРИК** 1. Чириген, чирип кеткен. 2. *өт.* Бекем эмес, таза эмес, ураган, кыйраганы калган. *Аластап чирик эскини, Кайнады эмгек жык толду* (Бөкөнбаев).

**ЧИРИНДИ** Чирип калган заттар. *Чириндинканчалык көп болсо, кыртыш ошончолук асылдуу боло тургандыгы белгилүү* («Айыл чарба журналы»).

**ЧИРИТ чири** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИРКЕ** Улоо, бири-бирине улай байлоо, илиштирүү, улаштыруу, улап кошо байлоо. *Чубалтып вагондорун чиркеп алып, Алыстан жүрүп келет локомотив* (Шимеев).

**ЧИРКЕГИЧ** Кандайдыр бир унаага же башка нерселерге чиркелүүчү, чиркеп алууга ылайыктуу нерсе.

**ЧИРКЕЙ** Кан соруучу чымын-чиркейдин бир түрү. *Камыш, өлөң ичинде, Чиркейлер жүрөт зыңылдап* (Жантөшев).

**ЧИРКЕЙ ЧАККАНЧА КӨРБӨӨ** Эч тоотпоо, кебелип да койбоо, быш этпөө. *Мындай арсыз шакабаларды Улукбек аке чиркей чакканча да көрбөйт* (Жигитов). **В.: Чиркейдин дыңылдагындай да сезбөө.** *Эмилбек апасынын айткан сөздөрүн чиркейдин дыңылдаганындай да сезбейт* (Абакиров).

**ЧИРКЕЙЛҮҮ** Чиркейи көп. *Чиркейлүү жер.*

**ЧИРКЕЛ чирке** этишинин туюк мамилеси.

**ЧИРКЕМЕ** Биринин артынан бири, катарлаш улантылган, чиркештирилген бөлүк. *Чиркемеси бар машина.*

**ЧИРКЕТ чирке** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧИРКЕШ чирке** этишинин кош мамилеси.

**ЧИРКИН** 1. Байкуш, кургур, курган. *Эчен ирет турууга баатырлык кылсам да, жүрөк чиркин баатырлык кыла албады* (Жантөшев). *Чиркин Шайыркул энесинин чачылганын жыйнап, үзүлгөнүн улаган берекеси эле* (Каимов). 2. Күчөтүү маанисинде өкүнгөндө, кайгырганда, кубанганда ж.б. учурларда колдонулат. – *Чиркин ой, боз аттын канаты барбы дейм* (Каимов). *Бүгүн көргөн эртең жок, О чиркин ушундай экен дүйнө шок!* («Манас»).

**ЧИРКӨӨ I** Христиан дининдегилердин кудайга сыйынуучу жайы. *Көчөнүн так орто ченинде үч коңгуроо тагылган кичинекей ак чиркөө* (Баялинов).

**ЧИРКӨӨ II чирке** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИРКӨӨ БОЛУУ** *к.* **бетке чиркөө болуу.**

**ЧИРТЕ** *диал.* Каптын бир түрү. *Ийнине арта таштап койгон чирте кабын жерге коё, анын ичинен өрүк, шабдаалы чеңгелдеп, тегерете тура калган ар бирибиздин топубузга же этегибизге салып берер эле* (Мавлянов).

**ЧИРҮҮ чири** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧИРЧЕ** Жики сыяктанган майда дандуу чөп өсүмдүгү.

**ЧИСЛО** Күн, ай тартибинин катары. *1941-жылдын декабрь айынын 16-числосу* (Жантөшев).

**ЧОБДОР** Сыртына калакча темирлер бекитилген (бастырылган), баатырлар кийген бут кийим, өтүк. *Чобдор өтүк такасыз, Торгун чепкен жакасыз* («Манас»).

**ЧОБУР** Асыл тукумдугу, чалыштыгы жок, тукур жылкы. *Түш оогон кезде чобурун минип Мусулманкул Ошко карай жөнөп калды* (Жантөшев). *Чобуру жок аргымак, Чоң байгеге жыйгандай* (Токомбаев).

**ЧОГОЙНО** Бийик өсүүчү жалбырак, бутактары тикендүү өсүмдүк. *Уйлар жогорулап өрдөп олтурушуп, бийик жана калың өскөн тикендүү чогойно куурайларын аралашты* (Бейшеналиев). *Чогойно куурай чооруң тарт, Төштүк* («Эр Төштүк»).

**ЧОГОЙНО ЧООР** *муз.* Узунунан бойлото кармалып ойнолот, эки башы ачык чоор.

**ЧОГОЙНОЛУУ** Чогойносу көп, жыш. *Чогойнолуу жер.*

**ЧОГОНОК** *диал.* Алты саны соо эмес, майыбы бар. *Чогонок чал.*

**ЧОГООЛ** Эр көкүрөк орой мүнөздүү, ачуусу чукул, эрдемсинген, кыялы чатак. *Боз калмактын чоң уулу, Ары чогоол, ары эр* («Манас»). *Өзү чогоол, ичи тар, Көңүлүндө кири бар* («Мендирман»). *Чогоолдун чокмору ылдам* (макал).

**ЧОГООЛДУК** Эр көкүрөк, оройлук, ачуусу чукулдук, кыялы чукул урушчаактык. *Чогоолдук кылса көтөрүп, Өжөрлүк кылса, өткөрүп, Кейишке салса, кечирип* («Манас»). *Кээде сенин чогоолдугуң мага да сөз тийгизип жүрөт* (Байтемиров).

**ЧОГУЛ** Жыйылуу, жыйналуу, топтолуу. *Акын Током келди деп, Аял-эркек чогулду* (Токтогул).

**ЧОГУЛТ чогул** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОГУЛУУ чогул** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОГУЛУШ** Жыйналыш. *Салтанаттуу чогулуш кызуу алкыш, күчтүү жаңырык менен ачылды* (Сасыкбаев). *Кезексиз чакырылган чогулушта көйгөйлүү маселелер каралды* («Эркин Тоо»).

**ЧОГУУ** 1. Бүт бойдон, жапырт. *Чоң ылама балбаны, Чоң Жолойдой калмагы, Чогуу кирди абылып* («Манас»). 2. Бирге. *Бектай Кычандар менен чогуу окуган* (Бейшеналиев).

**ЧОДУРАЙ** Чедирейип туруу (көбүнчө жаш балага карата айтылат).

**ЧОДУРАЙТ чодурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОДУРАЮУ чодурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЁКТО** 1. Кергиштөө, жактырбаган мүнөздө болуу, оозу-башын чоюштатуу. *Кийинки акылыңды айтып көрөйүн! Ал эми мурункуң жок – деп, дагы чоёктоду* (Бейшеналиев). 2. Эркелөө.

**ЧОЁКТОО чоёкто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЁКТОТ чоёкто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЁНДО чоёкто** менен бирдей.

**ЧОЙ I** Создо тартуу, созуу. *Эрлан оң колу менен көйнөгүнүн оң жакка этегин чоюп, кудуңдап карай Дарыяханга умтулду* (Жантөшев). *Колунун бырышкан терилерин чоюп-чоюп койду* (Жантөшев). 2. Көпкө созуу, создуктуруу, кечендетүү. *Андрей да тамашаны чойду* (Сасыкбаев).

**ЧОЙ II** Кой-эчкини кайырганда, тоскондо колдонулат. *Динар үстүндүн үстүндө отуруп алып кыйкыра баштады: – Чой, чой, койлор* (Сыдыкбеков). *Короодон чыга жайылган, Койчулар чой деп кайырган* (Осмонкул).

**ЧОЙ КУЛАК** Укса да укмаксан болуп, көңүл бөлбөй койгон, тоготпой, укпай койгон. *Ал жедеп чой кулак болуп бүткөн тура.*

**ЧОЙДУР чой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЙКОЙ** Кейкейип чоюлган, керилген кебетеде болуу; кергиштеп бой көтөрүү. *Алдында Буурул койкоюп, Көк жеке бутта чойкоюп, Асаба колдо кылкылдап, Боз кисе жанда шаркылдап* («Манас»).

**ЧОЙКОЙТ чойкой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЙКОКТО** Чойкок-чойкок этүү, чойкоюп басуу.

**ЧОЙКОКТОТ чойкокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЙКОЮУ чойкой** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЙЛО** Чой-чойло. Кой-эчкини чой-чой деп кайыруу, тосуу.

**ЧОЙМОЛО** Чоюп тартуу.

**ЧОЙМОЛОО чоймоло** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЙНОК** *диал.* Бир бутунан аксак.

**ЧОЙНОКТО** *диал.* Аксап басуу, аксоо.

**ЧОЙНОКТОО чойнокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЙРОЙ** 1. Майрыюу, өөдүк-сөөдүк болуп кыйшаюу. *Мустафа чойройгон көө кепкасын бир көтөрүп каадасынча былдырады* (Сасыкбаев). 2. Чоюштап, кериштеген кебетеде болуу.

**ЧОЙРОЙТ чойрой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЙРОНДО** Оозу-башын кыйшаңдатып, обу жоктонуу, чоюштоо.

**ЧОЙРОНДОО чойроңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЙРОНДОТ чойроңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЙТЕКЕ** Орунсуз чоёндогон, чоёндой берме адаты бар.

**ЧОЙТОЙ** Мыртыйып кыска көрүнүү (көбүнчө толугураак келген кыска бутка карата). *Бутту чойтоё сунуп жыргалын көрөбүз* (Бейшеналиев).

**ЧОЙТОҢ: чойтоң-чойтоң** Көбүнчө мыртыйып кыска, толугураак келген буттун кыймылын билдирүү үчүн колдонулат. *Чойтоң-чойтоң теминүү.*

**ЧОЙТОНДО** Чойтоң-чойтоң этүү. *Бригадир жорго байталын шарт камчыланып чойтоңдоп бастырып кетти* (Айтматов).

**ЧОЙТОНДОО чойтоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЙТОНДОТ чойтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОК I** 1. Күйүп, кызарып турган көмүр, от. *Майда чоктор тырсылдап баш-аламан ыргыйт* (Байтемиров). *Оттун чогу өчөйүн деп калган* (Жантөшев). *Эңкейип чок үстүнө жыгачтан таштап, Олтурат эки койчу маектешип* (Шүкүрбеков). *Чок кармагандын колу күйөт* (макал). 2. *өт.* Күйүпбышкандык. *Калгандын жайын ойлонсом, Кайгырып ичим болот чок* (Казыбек).

**ЧОК II** 1. Кунан-тайлардын жалын кыркканда калтырылган топ кыл. 2. Кээде баланын чачын алганда төбөсүнө калтырылган топ чач. 3. Баш кийимдин төбөсүнө тагылуучу топ чачык. *Узун чок тагылган кызыл топуну Шадыбек ала кетти* (Токомбаев). 4. *тар.* Кытай жана калмак башкаруучуларынын баш кийиминдеги бөлүнүп турган атайын белги жана ушундай белгиси бар башкаруучулар.

**ЧОК БАСКАНДАЙ СЕКИРҮҮ** Кандайдыр бир суук кабар, жаман сөз укканда же капысынан, чукулунан жагымсыз нерсени көрө калганда катуу чочуп кетүү, селт дей түшүү. *Ойлоорун ойлоп, айтаарын айтып алды да өзү чок баскандай секирди.* (Эралиев). *Карынбайдын мууну калчылдап, чок баскандай секирди* (Саатов). *Султан Керекти көрө сала чок баскандай секирди* («Ала-Тоо»). **В.: Чок баскандай болуу.** *Чок баскандай болуп чочулашып бардыгы аркы кичинекей арчанын түбүндө чокчойгон нерсеге жалт бурулушту* (Мырзаев). *Жеринди эне бир чети боор ооруй чок баскандай болуп ыргып турду* (Осмоналиев). **От баскандай болуу.** *Жок! – деп от баскандай болуп чочуп кетти* (Эгиналиев). *Ана, андан аркысын көрүп ал, кемпир от баскандай болуп чыңырды* (Айтматов).

**ЧОК КАРМОО** Өтө кыйын, оор ишке, өлүмгө баруу. *– Ыя?! Биздин колубуз менен чок кармагыңыз бар экен го?! – деди* (Касымбеков). *Пристав төрөнүн жээнин кармоо чок кармоо эмеспи?!* (Касымбеков).

**ЧОК ОРТОСУ** Дал ортосу, нак ортосу. *Чок ортосунда карапага өстүрүлгөн сонун гүл буруксуп турар эле* (Сыдыкбеков).

**ЧОККО САЛУУ** Катуу кайгыга, азапка дуушар кылуу, оор убайым, күйүт тарттыруу. *Баласы эси жогураак чыгып, карыган ата-энесин чокко салып кетти* («Чалкан»).

**ЧОКМОР** Бир учуна жумуру тегерек катуу жыгач же металл бекитилген кыска союл. Эң жөнөкөй аңчылык, жоокерчилик куралы. *Үйдөй чокмор колго алган* («Манас» С.К.). *Күүлөп алып чокморун, Күлүктүн оозун жыйнады* (Осмонкул). *Ура албаган чокмор өз башыңа тиет* (макал).

**ЧОКМОРОКТО** Көп болуп бир жерге үйүлүшүү, жыйылып топтолуу, үймөлөктөшүп чогулуу. *Мекеменин капталындагы көк шиберде уй мүйүз тартып чокмороктогон эл* (Бейшеналиев).

**ЧОКМОРОКТОО чокморокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОКМОРОКТОТ чокморокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОКОЙ** 1. Бодо малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган кончу кызыл ашыктан жогорураак келген бут кийим. *Бутумда кам териден кийген чокой, Сырдашым, айдаган кой, ээн токой* (Барпы). *Чокой кийген бут куурайт, чоголго берген кыз куурайт* (макал). 2. Кийизден (жүндөн) жасалган өтүк.

**ЧОКОЙ БОО** Олжо катары тапкан мүлк. Бирөөлөр аркылуу иш бүтүрсө, ортодон чыккан акча-тыйын, кийим-кече, мал-сал, ж.б. ортодон өндүрүп алган нерселер.

**ЧОКОЛОК** Тоонун чокусу, кырданып

бөлүнүп чыгып турган чоку. *Куш-Куйгөндүн чокологуна чейин баргын да, эки төрдү чал* (Сыдыкбеков).

**ЧОКОН** 1. Бир, бирөө, жалгыз. *Жанымдан чокон сөз кошконум жок, болгонун болгондой эле айтып жатам* («Ала-Тоо»). 2. Обочолонгон, бөлүнүп жалгыз турган. *Анткени бүт шаардын чырайын бузган ушул чокон фантазиясыз салынган көпүрө эле* (Жусубалиев). 3. Ордо оюнунда көбүнчө бир чүкө салып, оюнда жок кишиге бир жолу гана атуу үчүн берилген кезек. 4. Ордо оюнундагы акыркы ойноо кезеги.

**ЧОКОҢДО** Бир бутун жерге толук тийгизбей аксаңдай басуу, секеңдөө.

**ЧОКОНДО** Чокон атуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу, чокон атуу.

**ЧОКОНДОО чокондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОКТО I** Чок коюу, милтелүү мылтыкка от коюу, тутандыруу. *Мылтыгын мыктап октоду, Милтесин бу да чоктоду* («Манас»).

**ЧОКТО II** Чок тагуу, топ чачык тагуу. *Тебетейдин төбөсүн, Үкү менен чоктодук* (Жантөшев).

**ЧОКТОЛУУ I** Топ чачыктуу. *Баары алтындан чоктолуу.*

**ЧОКТОЛУУ II** Чок коюлган, тутандырылган. *Милтелери чоктолуу.*

**ЧОКТОТ чокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОКТУК** Өрүлгөн чачтын учуна тагылуучу кооздук. *Алтын айдар чоктугун, Алты түймө чачында, Түгөл кесип алыптыр* («Эл адабияты»).

**ЧОКТУУ I** Чачыктуу, чок тагылган. *Чоктуу калпак. Узун чоктуу топу.*

**ЧОКТУУ II** Чогу көп. *Кызарып жаткан чоктуу коломто.*

**ЧОКУ I** 1. Баштын төбөсү. *Баласын койнуна катып чокусунан жыттап койду* (Байтемиров). 2. Бир нерсенин (көбүнчө тоонун) эң башы, бүткөн жери, кылдай учу, абдан бийик жери. *Чокуларын туман чалган кырка тоолор* (Сасыкбаев).

**ЧОКУ II** Тумшугу менен жем жеш үчүн аракет кылуу, тумшугун уруп тез тийгизүү, тумшугу менен ургулоо. *Жагалмай чымчыкты чалгындарына калкалап алып, карбаластап тез-тез чокуйт* (Токомбаев). *Тал арасында карагай чокулап кайдадыр доңкулдак олтурат* (Сыдыкбеков).

**ЧОКУЛ I: ала-чокул** Ала-була, текши эмес, анда-мында.

**ЧОКУЛ II чоку** этишинин туюк мамилеси.

**ЧОКУЛА** Тумшугу менен ургулоо, кайра-кайра чокуй берүү.

**ЧОКУН** 1. Оң колун мандайына жана эки ийнине тийгизүү менен христиандык ырымжырым жасоо. 2. Христиан динине өтүү, баш ийүү. 3. *өт.* Баш ийип калуу, биротоло таасирине берилип кетүү, таасиринен чыга албай калуу.

**ЧОКУНДУК** Чокунган, чокунуп кеткен.

**ЧОКУНУН КАРАСЫ** *аңч.* Балтыры жоон, өңү кара бүркүттүн түрү.

**ЧОКУНУУ** Христиан дининдегилердин кудайга табынуу расмиси. 2. Баш уруу, жүгүнүү маанисинде да учурайт. 3. *өт.* Жагынуу, жазакерленүү, кошомат айтуу, ыгы жок таламын талашуу. *Кутка жаттык чокунуп* («Манас» С.О.).

**ЧОКУСУНА МАЙ КАЙНАТУУ** *к.* **башына май кайнатуу.**

**ЧОКУТ чоку** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОКУШ чоку** этишинин кош мамилеси. *Чокуша кетишип, сиркелери суу көтөрбөйт* (Стамов).

**ЧОКЧО** Өтө толтура, үймө, чокчойгон. *Чокчо табак.*

**ЧОКЧОГОЙ** Тигирээк келген шуңшугуй, чокчойгон. *Өнөр жай деген ушунда, – деди Адымбек чокчогой кепкасын саал көтөрө кийип* (Сасыкбакв).

**ЧОКЧОЙ** Дөмпөйүп, шуңшуйган көрүнүштө болуу. *Анархан Эркиндин алдында чокчоюп турган буудайга карады* (Жантөшев).

**ЧОКЧОЙТ чокчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОКЧОЛО** Чокчойтуп, дөмпөйтүп үйүү. *Дасторкондун бети чокчологон дүйүм тамак-ашка толтурулган эле* («Ала-Тоо»).

**ЧОКЧОЛОЙ** Чокчоюп, тик отуруу, буту колун жыйрып түз отуруу. *Чокчолой отурган мышык.*

**ЧОКЧОҢ: чокчоң-чокчоң этүү** 1. Аксай басуу, чокондоо. 2. *өт.* Бирөөгө ыгы жок тыңсынып, буйрумуш болуу, ыгы жок тыңсынып, өкүм сүйлөмүш болуу, чоңсунуу. *Эмне эле мага чокчоң-чокчоң этип калгансың?* («Ала-Тоо»).

**ЧОКЧОҢДО** 1. Аксай басуу, чокчоңдоо, чокчоң-чокчоң этүү. 2. *өт.* Бирөөгө ыгы жок тыңсынып, буйрумуш болуу, өкүм сүйлөө. *Баатырсынып чокчоңдоп, Байкабай чаап басынба* (Осмонкул). *Чокчоңдоп кээде ал дагы, Чочугансып сын жазган* (Маликов).

**ЧОКЧОҢДОО чокчоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОКЧОҢДОТ чокчоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОКЧОЮУ чокчой** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЛ чолу** менен бирдей.

**ЧОЛЖОЙ** Чолчоюу, чойроюу, майрыйып эби-сынынан бузулуп кетүү.

**ЧОЛЖОЙТ чолжой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЛЖУЙ чолжой** менен бирдей.

**ЧОЛО** 1. Бош убак, колу бошой калган учур. 2. Бүт такыр, текши. *Ар жеринде чоло*

*жок, Ар түрлүү эгин себилди* (Осмонкул). *Калтырбай чолоо жериң карашат шыкалаашып эл жабыла* (Муканов). *Туруугa чоло убак жок, Туш-тушка кетти чабарман. Бирок кыз бул оюн айткан жок, аны айтууга да чолосу тийбеди* (Каимов). *Ашыр үйүнө барып келүүгө чолосу тийбей жаткан* (Сасыкбаев). *Бекердин чолосу жок* (макал).

**ЧОЛО КАЛТЫРБАЙ** Бүт, такыр эч жерин койбой, текши, жалпы. *Жерди туура пайдалангыла. Мүмкүн болушунча, быйыл чоло калтырбай айдаш керек* («Кыргыз Туусу»). **В.: Чоло жок.** *Ар жеринде чоло жок, Ар түрлүү эгин себилди* (Осмонкул). **Чоло жери жок.** *Бечаранын денесинде чоло жери жок, бүт көк ала, аябай жанчкан өңдөнөт, мыкаачылар десе* (Жантөшев).

**ЧОЛОЙ** Өтө эле чолок, кыска көрүнүү, чолтоюу. *Чолойгон кыска чач.*

**ЧОЛОЙТ** **чолой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЛОК** 1. Кыска. *Иванов чолок күрмө кийип темир жолду тейлеп жүрөт* (Сасыкбаев). *Гулайым гүлдүү, чолок жең жарашыктуу жеңил көйнөк кийип, маңкая түшкөн* (Бейшеналиев). 2. Бир колу же бир буту жок, колу же буту майып. *Чолок бутум менен эки буттуудан кем иштебесмин деп ойлойм деди Жапар* (Баялинов). 3. Куйругу кесилген же кыска, куйругу келте (көбүнчө малга карата). *Мусабек өзү көк чолокту минип, Ашырды ээрчип алды* (Сасыкбаев). *Жардынын минип чологун, Салуучу булук жасоолдор* (Турусбеков). 4. Терең эмес, кеңири эмес, үстүртөн ойлонулган. *Чолок акыл. Чолок ой.*

**ЧОЛОК АКЫЛ** *к.* **акылы чолок.**

**ЧОЛОК БАЙТАЛГА МИНГИЗҮҮ** *эск.* Көбүнчө күйөөсүн чанган аялдын чачын кыркып, бетине көө сүйкөп, байталга тескери каратып мингизип, айыл аралатып, төркүнүнө жеткизүү. *Мингизип чолок байталга, Эртең элге күлкү салармын* (фольк.). **В.: Чолок байтал кылуу.** *Чачыңды кыркып салбасам, Чолок байтал кылбасам* (фольк.).

**ЧОЛОК ЖАШ** Көздөн мөлт деп бир аз эле чыккан жаш. *Гүлнардын кирпиктеринин учтары чолок жашка суулана түштү* (Сыдыкбеков). *Кайра-кайра сай сөөктү сыздата комузду боздоткондо аялдардын айрымдарынын көзүнөн чолок жаш сыгылтат* (Бейшеналиев).

**ЧОЛОК ООЗ** *эск.* Жарды-жалчылардын арасынан чыккан актив, жетекчи деген мааниде. *Саадат сыяктуу чолок ооздор, Касейин сыяктуу куулар камданып жатат деген кабар бар* (Сыдыкбеков).

**ЧОЛОК ЭТЕК** *эск.* Кедей, кембагал, жарды деген мааниде. *Ошол чолок этектер мени тоорушканын койгондо мен аларга кара санаганды коём* (Бектенов). *Айлыбыздагы чолок этектер бизди жектеген менен түпкү мыйзам калыс тура* (Сыдыкбеков).

**ЧОЛОКТУК** Чолок жагы бар экендик.

**ЧОЛОЛО** Учурун, убактысын, ыңгайын табуу. *Чололоп барып, бир жыбытка баш катты.*

**ЧОЛОНДО** Чолтондоо, кичине аксагансып басуу. *Жаза басып алып, бир аз чолоңдоп калдым* («Ала-Тоо»).

**ЧОЛОНДОО** **чолоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЛОНДОТ** **чолоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЛОО** **чоло** менен бирдей. *Чолоо жокто, жол жүрөөрдө кыстап ай, Алыс кетсем, муңкангансып сыздап ай* (Акматалиев).

**ЧОЛП** Шыпшынгандагы дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чоң эне ээрдин чолп эттирип шыпшынып койду* (Сыдыкбеков).

**ЧОЛПОН I** *астр.* 1. Күн системасынан күндөн кийинки 2-планетасы, жерге жакын планета. *Чолпон жылдызы, төбөдө чолпон жаркырайт. Чолпон жылдыз чыккан сайын элестеп, Күтөмүн мен бар күн Сизди келет деп* (Акматалиев). 2. *өт.* Белгилүү, көрүнүктүү. *Бүбүсара кыргыз театрынын чолпон жылдызы.* 3. *өт.* Эркелетүү, жакшы көрүү маанисинде. *Жакамда кымбат кундузум, Чекемде чолпон жылдызым* (фольк.). 4. *өт.* Татынакай, келишимдүү сулуу. *Чолпондой болгон төрт баласы бар. Аман болсун ал баланын чолпону.*

**ЧОЛПОН II: Чолпон ата** Койдун колдоочусу, койдун ээси, койдун пири.

**ЧОЛПУ** Көбүнчө келиндер чачка тагуучу, бирине-бири тизилген тегерек тыйын сыяктуу күмүштөн коoздотулуп жасалган жасалга. *Силердин кыргыздар менден көбүнчө чолпу, чачпактык жасалгаларды алыша турган* (Абдукаримов).

**ЧОЛТОГОЙ** Чолтойгон кыска, чолок. *Чолтойгон кемсел.*

**ЧОЛТОЙ** Кыска, чолок көрүнүштө болуу. *Үстүндө чолтойгон бир эски кара тужуркеси бар* (Элебаев).

**ЧОЛТОЙТ** **чолтой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЛТОК** *диал.* Чолок. *Думу чолток ат.*

**ЧОЛТОҢ: чолтоң-чолтоң** Көбүнчө чолтойгон, кыска буттун, колдун ж.б. кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧОЛТОҢДО** Чолтоң-чолтоң этүү.

**ЧОЛУ** Олуй чукуу, олуп алуу.

**ЧОЛУП СҮЙЛӨӨ** Баш аягы жок, иретсиз сүйлөө. *Шарип чолуп сүйлөп, ар кайсы суроону берип, жообун талап кылат* (Бейшеналиев).

**ЧОЛЧОЙ** Эби-сыны кетип, майрыйып, чойруйган, көөп, балчайып кеткен көрүнүштө болуу. *Чолчойгон чокой.*

**ЧОЛЧОЙТ** **чолчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЛЧОНДО** Дайны жок сүйлөгөн, сөзүнүн мааниси жок, олдоксон адамга карата айтылат.

**ЧОЛЧОНДОТ** **чолчондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОМ** Унаа малдарга токуу үчүн кийизден калың кылып, жумшактап шырылып жасалган токулга. *Жоор торунун жонун жууп, жылуулап чом токуп коюшуптур* (Убукеев). *Кээ үйлөрдүн алдында төөлөрдүн чом-комдорун, өгүздөрдүн ыңырчак токулгаларын оңдогон эркек, аялдар жүрүшөт* (Токтоналиев).

**ЧОМБАШ** Эч нерсени ажырата билбеген деген мааниде. *Одоно, копол чомбаш бир корумда, Бул мүнөз жүрүп келген бир орунда* (Тоголок Молдо).

**ЧОМДО** Төөнү токуу.

**ЧОМОЧО** 1. Чеке, мандай. 2. *өт.* Көөдөндү көтөрүү, кокураюу, мактануу, көтөрүлүү. *Атадан алты туулдум деп, Чомочоңду көтөрбө!* («Эл адабияты»). *Чомочоңду көтөрсөң, Жигиттер, ошону кудай өтөрбү* (Терме). *Ийгилик чыйрала баштагандан бери, анысына сүйөнүп Мантек да тең атасынып, чомочосун чоң көтөрүп мантаңдап калуучу болду* (Убукеев).

**ЧОМУЛ** **чөмүл** менен бирдей.

**ЧОМУН** *сүйл.* Карта оюнунун бир түрү.

**ЧОНТОЙ** 1. Ийленген териден жасалган баштык. 2. Мылтыктын огун салуу үчүн пайдаланылуучу калың териден, булгаарыдан жасалган оозу тар баштыкча, куту. *Ок чонтойдо миң огу* («Манас» С.О.). 3. *диал.* Чөнтөк, кисе.

**ЧОНУГУУ** **чонук** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОНУК** Бышыгуу, машыгуу.

**ЧОНУКТУР** чонук этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОҢ** 1. Көлөмү жагынан зор, ири, кичиненин карама-каршысы. *Айбанаттын эң чоңу – Пилден, козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Мүйүзү чоң – каркайган, Бугу менен маралы* (Осмонкул). 2. Мааниси, күчү, тереңдиги ж.б. жагынан бир кыйла, олуттуу. *Пайдасы чоң. Мааниси чоң. Ролу чоң.* 3. Абдан белгилүү, таанымал, башкалардан айырмаланган. *Чоң уста. Чоң жазуучу. Чоң акын.* 4. Балалык доордон өтүп калган, эр жеткен, жашап калган. *Чоң да, кичине да ушул ырыста менин энчим көп деп мактанат* (Сыдыкбеков). 5. *өт. сүйл.* Жогорку бийлик кызматтарында иштеген адам, башкарма. *Кечикпей чоңдорго көз көрсөтүп, ишимди илгери агызайын* (Сыдыкбеков).

**ЧОҢ АТА** Баланын атасынын атасы. – *Билем, байке, ал өзүмдүн чоң атам* (Токомбаев).

**ЧОҢ АТАСЫН ТААНЫТУУ** *к.* **акесин таанытуу.**

**ЧОҢ ЖЕТИГЕН** *астр.* Түндүк жарым шарындагы чоңдугу боюнча 3-топ жылдыз. Байыркы гректер белгилешкен 48 топ жылдыздын бири.

**ЧОҢ КАМЧЫ** *к.* **жоон камчы.**

**ЧОҢ МУШТУМ** Кара күчүнө ишенип дөгүрсүгөн, анча-мынча менен эсептешкиси келбей алабармандаган, зөөкүр чалыш. *Сага окшогон чоң муштумдун эсебин тапса жакшы болор эле* (Жантөшев). *Оңбогон чоң муштум. Анын колунан келет* (Мырзаев). *Айдарбек датка баштаган чоң муштумдардын мээсине май кайнатайын* (Жантөшев).

**ЧОҢ СҮЙЛӨӨ** Өйдөсүнүп, көтөрүлүп, өкүм сүйлөө, үстөмдүк кыла сүйлөө. *Ушунун чоң сүйлөгөнү өттү дешип, отургандар жаңы жетекчини көп жактыра беришпеди. Чоңдук кылба жалгызга, Чоң сүйлөбө байкушка* (Токтогул).

**ЧОҢ ТЕРИНИН БУЧКАГЫ** Тектүү жердин баласы, чоң жердин тукуму деген маанидеги каймана сөздөр. *Улуу аялы тектүү атанын баласы, «чоң теринин бучкагы» деп коюшчу* (Убукеев).

**ЧОҢ ШАШКЕ ЖЕ УЛУУ ШАШКЕ** Күн бийик көтөрүлүп, жалган түшкө таяп калган мезгил. *Жылдызкан чоң шашкеде жездеси Арзыкулдукуна барды* (Байтемиров). *Улуу шашке ченде кыз-келиндер ар кайсы айылдан чубап чыгышты.* (Жантөшев).

**ЧОҢ ЭНЕ** 1. Атасынын апасы. *Мен да чоңойгондо чоң энем менен чоң атамды сөзсүз багам* (Жантөшев). 2. Улгайып калган аялдарга, кемпирлерге айтылуучу сөз. *Чоң эне, эмне кылып жатасыз? – деди жолдон учураган чоочун кемпирге.*

**ЧОҢБУТ** Төөнүн бутундагы котурун дарылоочу уу чөп.

**ЧОҢДУК** 1. Көлөмүн, чоң экендигин билдирген өлчөм, чоң экендик. *Чоңдугу тоонун тeңиндей* («Эр Төштүк»). *Пай-пай-пай, үйлөрдүн чоңдугун айтпа* (Байтемиров). 2. *мат.* Өлчөөгө, ченөөгө мүмкүн болгондордун баары. 3. *өт. сүйл.* Кызмат абалы жогору тургандык, өйдөсүнүп, өкүм сүйлөөчүлүк. *Шамбет сен мага чоңдук көрсөткөнүңдү койчу* (Сыдыкбеков).

**ЧОҢОЙ** 1. Көлөмү жагынан чоң боло баштоо, чоң болуп кетүү. *Көзүнө чоңоюп көрүндү* (Сыдыкбеков). 2. Өсүү, өсүп чоң болуу. *Кандай сонун дегиң келет, Биз чоңойгон боз үйдү* (Токомбаев). 3. *өт.* Кеңейүү, көбөйүү. *Кетмен-Төбө базары, Кенен тартып чоңойгон* (Токтогул). 4. *сүйл.* Кызмат даражасы жогорулоо.

**ЧОҢОЙТ** **чоңой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОҢОЮУ** **чоңой** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОҢСУН** Мыктысынуу, бой көтөрүү, кекирейүү. *Чоңсунган жоону сомдоду, Айбалталап токмоктоп, Арстан Манас оңдоду* («Манас»).

**ЧОҢСУНТ** **чоңсун** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОҢСУНУУ** **чоңсун** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОО I** Чырпыктардан токуп себет сыяктантып жасалган балык кармагыч. *Желе тартып, чоо салып Айланпалуу жылгадан* (Тоголок Молдо).

**ЧОО II: чоо-жай** Ал-жай, ал-абал, жөн-жай. *Сабыр кыл, апа! Алды менен иштин чоо-жайын түшүнсөң* (Байтемиров). *Иштин чоо-жайын байкап көрөлү.*

**ЧООКЕНДИК** Токолдукка алуу. *Алакун Жамалды алмак чоокендикке, Майрамкан барат деген төркүнүнө* («Эл адабияты»).

**ЧООЛЖУ** Шашпай, жай кыймылдоо, сүйлөө.

**ЧООЛЖУТ чоолжу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧООЛЖУУ чоолжу** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧООНУК** Тажрыйбалуу болуу, токтолуу. *Чоонуккан адам.*

**ЧООР** Үйлөмө, ичке үндүү музыкалык аспап. *Сыбызгы, чоор ызылдап* («Манас» С.О.). *Алыстан угулган чоордун күүсүнө Бурма таң кала түштү* (Токомбаев). *Эриккен жаным чоорду алып сызгырылта баштадым* (Баялинов).

**ЧООРЧУ** Чоор тартуучу, чоордо ойной билген адам. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев). – *Кубатым, сен оңбогондой чоорчу турбайсыңбы* (Жантөшев).

**ЧООЧУН** 1. Тааныш эмес, таанылбаган, башка, мурда билбеген, бөтөн. *Садыктыкына экинчи жолу барсам, чоочун эки киши отуруптур* (Каимов). *Чоочун жолдун кайдан тааныш булагы, мен качандыр даамын татып көргөндөй* (Абдалова). *Чоочун кишинин көзүнчө кантип айтам* (Жакиев). 2. Көнүмүштөн башкача, бөтөн, жат, өөн. *Айылга келерим менен ажы боло калышым эң эле чоочун, кулагыма серт угулат* (Токомбаев). *Бирок чоочун үйгө киргендей артка кетенчиктеди* (Стамов).

**ЧООЧУРКА чочурка** менен бирдей.

**ЧООЧУРКОО чоочурка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОП** Өпкөндөгү, эмгендеги дабышты билдирүүдө колдонулат. *Деп Мурат тартып Дилбарды белден, Чоп этип өпкөн албырган беттен* (Абдыраманов). *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев).

**ЧОПДОР** *эск.* Бут кийимдин бир түрү.

**ЧОПКУТ** 1. Жоо кийиминин өзүнчө түрү. *Чопкуту бар жакасыз* («Манас» С.О.). *Ок өтпөс чопкут, күрмө тон, Кат-катынан бөлүндү* («Сейтек»). *Ок өтпөгөн чопкуттар Канжыгадай тилинип* («Эр Төштүк»). 2. Кебез, жүндөн калың салынган сырт кийим.

**ЧОПО** Скульптура жана карапа жасоо ишинде, курулушта колдонулуучу, жердин үстүңкү катмарында жаткан, нымдалышкан кезинде жабышкак ылай сыяктанган топурак. *Тамдын ичи акталбаган, бирок ак чопо менен жакшылап шыбалган* (Жантөшев). *Сары чопо, кызыл чопо.*

**ЧОПО-ЧООР** *муз.* Чоподон жасалган идиш сымал музыкалык аспап.

**ЧОПОЛО** Чопо менен шыбоо, чопону пайдалануу.

**ЧОПОЛУУ** Чопосу бар же чопосу көп. *Анын үстүнө бул жер ак чополуу эмеспи, бутка чайырдай жабышат* (Байтемиров). *Саргыч күрөң чополуу адырлар кардан бошонуп,.. дымыгып турат* (Сасыкбаев).

**ЧОПУЛДА** Чоп-чоп эткен дабыш чыгуу.

**ЧОПУЛДАТ чопулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОПУЛДОО чопулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОР I** 1. Өйкөлүүдөн же кысылуудан пайда болгон теринин калыңданып калган жери. *Чоң Койчу чор баскан салмактуу оң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев). 2. Кандайдыр бир зыянга учурап же сынып кайра бүткөндө уруюп чыгып калган жер. *Сынбай сөөк чор болбойт* (Барпы).

**ЧОР II** 1. Күң, башы бош эмес, кожоюнга көз каранды аял. 2. *өт.* Томаяк, эң кедей. *Байбиче кылып чоруңду* («Манас» С.О.).

**ЧОР КАЙНОО** Уруюп тонуп калуу (көбүнчө муз жөнүндө). *Чор кайнаган муз сыяктуу салбыраган ак мурут* (Токомбаев). *Күбүр тумчулаган суу кулгуп чыгып, чор кайнайт* (Осмоналиев).

**ЧОР ТАМАН** Кедей, кембагал, томаяк. *Чор таман кедейдин минтип кубулганы жаманбы* (Бейшеналиев). *Мен өзүм кыйынчылыктарды көрүп, бөтөн жерге чейин тентип барган чор таманмын* (Саатов).

**ЧОРБО** Көбүнчө азоо жылкыларды эрдинен толгоп чормойто байлаган абал. *Чорбо кылуу.*

**ЧОРБОЙ** Уркуюп чыгып туруу.

**ЧОРБОЙТ чорбой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОРБОЛО** Чорбо кылуу, чорбо кылып байлоо.

**ЧОРБОЛОТ чорболо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОРБУ чорбо** менен бирдей.

**ЧОРГО** Чайнектин, кумгандын ж.б. идиштердин суюктук куюлуу үчүн ылайыкталып түтүк сыяктуу жасалган бөлүгү. *Эшиктен чоргосу сынык кара чөөгүндү бир келин көтөрүп кирди* (Баялинов). *Оргуштап жердин астынан, Чоргодой булак чубурат* (Маликов).

**ЧОРГОЛО** Чоргодон куюлгандай агып туруу.

**ЧОРГОЛОТ чорголо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОРДОН** 1. Булактын көзүндөгү суунун кайнап чыгып жаткан, уюлгуп, оргуштап

чыгып жаткан жери, бир нерсенин уюлгуган, уюлгушуп топтолгон жери. 2. *өт.* Эң негизгиси, башкысы, борбору. *Байрагын көккө көкөлөтө көтөрүп желбиретип ойдогу максаттын чордону экенин унутпоогу тийишпиз* (Жантөшев).

**ЧОРДОТ чордо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОРДУУ** Чор болгон, чору бар. *Чордуу кол.*

**ЧОРКОК** 1. Эби жок, ыктуу эмес, иш жасай албаган, олдоксон. *Ишке чоркок. Ал Айдай эрке кыз көрүндү эле, кокус ийне сайганды билбеген чоркок болуп жүрбөсүн* (Каимов). *Жолдош болбо коркокко, Иш кылдырба чоркокко* (Токтогул). *Чоркок киши төөнү жаза минет* (макал). 2. *өт.* Ыксыз, орунсуз. *Чоркок суроону кайдан бердим, ыя? – деп, өзүмө-өзүм өкүнө түшкөм* (Таштемиров).

**ЧОРКОКТУК** Эби жоктук, колу жөндөмдүү эместик. *Олдоксондук жаман адат, Чоркоктукту жеңели* (Осмонкул).

**ЧОРМОГОЙ** Чормойгон, чорчогой. *Кулактары делдегей, эрди чормогой Чоно да ошолордун арасында эле* (Каимов).

**ЧОРМОЙ** Калыңыраак келип, чорчоюп же томпоё тартып чыгып туруу (көбүнчө эринге карата). *Эрди чормойгон бала.*

**ЧОРМОЙТ чормой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОРМОК** *диал.* Оозу чормогой.

**ЧОРМОНДО** Эрдин чормойтуп, таарынгандай же кимдир бирөөгө терс кыялын көрсөткөндөй абалда болуу.

**ЧОРО** Баатырга жөлөк, таяныч болгон жакын кызматкери, жоокери. *Андан бөлөк чородон, аскер башчы жородон* («Манас» С.О.). *Ар чорого беш миңден, Аскер бөлүп алыптыр* («Манас» С.О.).

**ЧОРТ АЙТУУ** Кескин айтуу, кесе айтуу. *Жок, мен атым менен куралымдан айрылып, кыз албаймын, – деп жигит чорт гана айтты* (Токомбаев).

**ЧОРТ СЫНУУ** Чукул, чарт сынуу. *Канчалык чебер урунсаң да, морт неме бир күнү чорт сынат экен* («Чалкан»).

**ЧОРТОН** Башынын үстү жагы жалпагыраак, денеси узунураак келген тузсуз сууда жашоочу жырткыч балык.

**ЧОРТОНДО** Кортондоо. *Чолок чаар жылкыдай чортоңдогон немесиң* (Токтогул).

**ЧОРЧОГОЙ** Чорчойгон, чормоюп чыгып турган.

**ЧОРЧОЙ** Чормоюп, чурчуюп чыгып туруу. *Чорчоюп бери чыгып турган кокосу, жалпайган мурду көрүнөт* (Байтемиров).

**ЧОРЧОЙТ чорчой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОТ I** Өсүмдүктүн тамырын жумшартуу, отоо чөптөрдөн арылтуу үчүн колдонулган курал. *Алым керегенин башындагы чот менен көтөрмөнү алып чыгып кетти* (Жантөшев). *Жер көрө салышып, Керки, чотун кыстарып* («Эл адабияты»).

**ЧОТ II** Туурасынан тартылган ичке зымдарга жылып турууучу жумуру нерселер тизилген, эсеп ишинде колдонулуучу, алкак сыяктанган төрт чарчы курал. *Колхоз малы, асылданды дүркүрөп, Шаасы жетпей эсепчи чот каккандай* (Токомбаев).

**ЧОТ КАГУУ** Чот менен эсептөө. *Колхоз малы асылданды дүркүрөп, Шаасы жетпей эсепчи чот каккандай* (Токомбаев).

**ЧОТ КЕРКИ** Сабы кетмендикиндей тегерек уңгусуна ашталуучу керки.

**ЧОТАЛА** Карта ойногондор тарабынан үйдүн ээсине же башка адамдарга утуп алынган акчадан берилүүчү акча.

**ЧОТОЛ чотала** менен бирдей.

**ЧОТТО** Чот менен эсептөө; эсепке алуу. *Ысак дөөлөттүүрөөк кишилерди чоттоп койгондур* (Абдукаримов).

**ЧОТТОЛ чотто** этишинин туюк мамилеси.

**ЧОТУР чотала** менен бирдей.

**ЧОТУРАНДА** Жапалдаш, толугунан келген адамдын же башка жандуу нерсенин кыймыл-аракетине карата айтылат.

**ЧОТУРАНДОО чотуранда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОТЧУ** *сүйл.* Чот кагуучу, чот менен эсептөөчү. *Кубаныч күү ай-ааламды баскандай, Далай чотчу, эсеп чотун каккандай* (Токомбаев).

**ЧОЧКО** 1. Буттары кыска, кемирчек сыяктуу тегерек тумшугу бар ача туяктуу сүт эмүүчү жаныбар. 2. *өт.* Тилдөө, жаман көрүү маанисинде айтылуучу сөз. *Калаймандı калыкка Абыке чочко баштаптыр* («Манас»).

**ЧОЧКО АЙБАТ** Куру айбат, калп эле сыр көрсөтмө баатырлык.

**ЧОЧКОКАНА** Чочко багылуучу жай.

**ЧОЧКОЧУ** Чочко багуучу.

**ЧОЧМОР чокмор** менен бирдей. *Чочмордон бетер атыптыр* («Манас» С.О.).

**ЧОЧОГОЙ** Чочойгон, соройгон, серейген.

**ЧОЧОЙ** Тик болуп сороюп, серейип, чокчоюп көрүнүү. *Мышык сандыктын бир жак бурчуна чочоюп тим олтуруп калды* (Сыдыкбеков).

**ЧОЧОЙТ чочой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЧОЙТУУ чочойт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЧОНДО** 1. Чочойгон кебетедеги кыймыл-аракетте болуу. 2. *өт.* Чокчондоп тынсынуу, корчондоо.

**ЧОЧОНДОО чочондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЧОНДОТ чочондо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЧПАРА** *эск.* Анча чоң эмес, уютулган

тоголок күмүш, жамбынын эң кичине түрү. *Чочпарадан онду алды.*

**ЧОЧУ** 1. Селт эте түшүү, коркуп селт эте түшүү. *Динар көзүн бакырайтып чочуп кетти* (Сыдыкбеков). *– Эмнеден чочуп өңүң бузула түштү, жеңеке?* (Жантөшев). 2. Шишүү, шишик пайда боло калуу, сезгенип шиший түшүү. *Бээнин желини чочуп, ошондон эки эмчеги тең жарабай калыптыр* (Жантөшев).

**ЧОЧУЛА** Кооптонуу. *Каныбек үңкүрдүн көрүнүшүн карап туруп, эмнегедир чочулагандай болду* (Жантөшев). *Ал эми баланын кийим-кечесинен чочулабай эле коюңуз* (Жакиев).

**ЧОЧУЛАТ чочула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЧУЛОО чочула** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЧУН чочу** этишинин туюк мамилеси.

**ЧОЧУҢКУРА** Чочугандай болуу, кооптонуу.

**ЧОЧУҢКУРАТ чочуңкура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЧУҢКУРОО чочуңкура** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЧУРКА** Бөтөн сезүү, жатыркоо, четтөө, чоочун сезип, батына албоо. *Тигил бечара болсо, чочуркап турат* (Сыдыкбеков).

**ЧОЧУРКОО чочурка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЧУТ чочу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЧУУ чочу** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЮЛ** 1. **чой** этишинин туюк мамилеси. 2. Керилген, жай кыймылдаган аракетте болуу.

**ЧОЮЛМА** Чоюла берме, чоюлчаак.

**ЧОЮЛЧААК** Чоюлуп турган, чоюлуп кайра тартылып турма касиети бар. *Чоюлчаак заттар.*

**ЧОЮН** Көмүртек кошундусу бар темирдин эритмеси, ушундай кошундусу бар катуу, ийилчээк эмес оор темир. *Чоюн куюучу цех.*

**ЧОЮН БАШ** Жоо куралы. Башына чоюн уютулуп жасалган чокмор. *Он эки батман чоюн баш* («Семетей» С.К.). *Болоттон кылган чоюн баш, Кара дөө кош колдоп кармап имерди* («Сейтек»).

**ЧОЮН ЖОЛ** *эск.* Темир жол. *Зымыраган чоюн жолдо, Сойлоп поезд бараткан* (Бөкөнбаев).

**ЧОЮН КАШЫК** Чөмүч сыяктанган саптуу металл идиш.

**ЧОЮН КУЛАК** *миф.* Акыр заман болордо боз эшек минип келчү, кулагы чоюн, өзү коркунучтуу көрүнүштө болгон желмогуз.

**ЧОЮНКЕ** *сүйл.* Чоюндан жасалган идиш.

**ЧОЮУ чой** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧОЮШТА** Оозу-башын кергиштетүү, жактырбаган түр менен чоёктоо.

**ЧОЮШТАТ чоюшта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧОЮШТОО чоюшта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨБӨ** Чөөт, көлмө. *Көзүмдү ачсам, тоо тургай дөбө жок, Көзүмдү ачсам, көл тургай чөбө жок* (Байзаков).

**ЧӨБӨГӨ** 1. Каймакты кайнатканда май бөлүнүп чыккандан кийинки түбүндө калган калдык. *Абаздын алдына нан, түндө сызгырылган майлуу чөбөгө бир келтирилди* (Таштемиров). 2. *аңч.* Эриген коргошундан калган шакел.

**ЧӨБӨТ чөөт** менен бирдей.

**ЧӨБҮРӨ** 1. Неберенин баласы. 2. Майда, кичинекей, жаш балдарга карата жалпысынан айтылуучу сөз. *Ушинтип эки үйдүкүн кошкондо жалаң чөбүрө балдар ондон ашык* (Элебаев).

**ЧӨГӨЛӨ** Эки бутту артка бүгүп, тизелеп отуруу, тизелеп турган абалда болуу. *Актан элик талпактын үстүнө чөгөлөй отуруп көрүк басууда* (Бейшеналиев). *Каалasaңыз мени жаныңызга алыңыз! – деп, Абдумомун бажаңдап чөгөлөй калды* (Жантөшев). *Чөгөлөп жашаганча, тике жүрүп жан ташта* (макал).

**ЧӨГӨЛӨӨ чөгөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨГӨЛӨТ чөгөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨГӨӨЛ** Бүркүттүн эң кичине түрү.

**ЧӨГӨӨЛӨ чөгөлө** менен бирдей.

**ЧӨГӨР** 1. Тизесин бүгүп чөктүрүү, жаткызуу (көбүнчө төөгө карата). *Ашуунун түбүнө такай келип Куруш төөсүн чөгөрдү* (Убукеев). 2. Чөктүрүп, суунун же башка суюктуктун түбүнө түшүрүү. *Кайырдын мойнуна таш байлап, сууга чөгөрүп кетишет* (Токомбаев). 3. Терендеген, тереңирээк баткан абалга келтирүү. *Ой, трактор! Кулдуршалдыр, чөгөрө сал, терең алдыр* (Элебаев). *Ашыр фуражкасынын ээктемесин түшүрүп, чөгөрө кийип алган* (Сасыкбаев). 4. Батыра орнотуу, чөктүрө орнотуу. *Кароолуна келтирип, Калкайтып алтын чөгөргөн* («Семетей»).

**ЧӨГӨРМӨ** Оюк. Шляпанын оюгу.

**ЧӨГӨРТ чөгөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨГӨРҮЛ чөгөр** этишинин туюк мамилеси.

**ЧӨГӨРҮҮ чөгөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨГҮНДҮ** Түбүнө чөккөн, түбүндө калган калдык.

**ЧӨГҮП КАЛГАН** 1. Карылыгы жетип, эки жакка чыга албай калган, баса албай калган. *Атасы чөгүп калган киши.* 2. Эски сөөлөтүнөн кеткен, эти качып, мөгдүрөй түшкөн абал.

**ЧӨГҮҮ чөк** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨЖӨГАТ** *диал.* Жырткыч куш. *Куйругунда агы бар, Айры куйрук чөжөгат* (Барпы).

**ЧӨЙРӨ** 1. Курчап турган айлана, тегерек. *Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо, какыраган таштак* (Жантөшев). *Бул үч дөбөнүн чөйрөсү сонун жер эмеспи* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Кандайдыр бир таасирдин, мамиленин, өз ара катнаштын ж.б. айланасы. *Борбордун калкы, асыресе, маданий чөйрөлөр кыргыз комузу менен тааныш* (Каимов). *Адам өз чөйрөсүнөн бөлүнүп жалгыз калганда гана ойчул боло баштаса керек* (Стамов).

**ЧӨЙРӨЛӨ** Алыстап кетпей, ыраактап кетпей ошол айланада жүрүү, болуу. *Ушу тегеректе эле чөйрөлөп жүрдүм.*

**ЧӨЙРӨЛӨӨ** **чөйрөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨЙРӨЛӨТ** **чөйрөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨЙЧӨК** 1. Көбүнчө жыгачтан жасалган кичирээк идиш, кичинекей аяк. *Айымбүбү сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип Жапарга сунду* (Баялинов). 2. Гүлдөрдүн жана гүлдүн уругунун сыртынан каптап туруучу кабыкча. *Мемиреген эчен түркүн гүлдөр күн нурун чөйчөгүнө шимирип тосот* («Ала-Тоо»). 3. Абдан семиргенде көбүнчө жылкынын соору ченинде пайда болуучу тегерек оюкча. *Аттын чөйчөгү. Чөйчөк алып семирген ат.*

**ЧӨЙЧӨК АЛУУ** Абдан семирүү, өтө семиздикте болуу (көбүнчө жылкыга карата). *Ат чөйчөк алып калган экен* («Ала-Тоо»).

**ЧӨЙЧӨКЧӨ** 1. Гүлдүн челекчелери өсүп чыккан, гүлдүн чөйчөк сымал бөлүгү. 2. Тогуз кумалак оюнундагы кумалак салынган оюкча.

**ЧӨК I** Көбүнчө орулган эгиндердин, куурайдын ар кайсы жерге топ-топ кылып коюлгандагысы. *Бурулчанын оруп, чөк таштап кетип бара жаткан буудайларын бат эле боолап жибердик* (Баялинов).

**ЧӨК II** 1. Тизелерин бүгүп жатуу (көбүнчө төөгө карата). *Көкөтайга келгенде, Чөгүп берди кызыл нар* («Эр Төштүк»). 2. Суунун же кандайдыр бир суюктуктун түбүнө түшүп кетүү, батып көрүнбөй калуу. 3. *өт.* Өтө карып, көбүнчө баспай отуруп калуу. *Чөгүп калган абышка.* 4. *өт.* Чөмүлүү, батуу (мис. ойго, санаага). *Татыбек санаага чөгүп кеткенин эстей коюп жымырыла түштү* (Байтемиров). *Жашырсаң да көөнүү бир аз чөгүңкү, окуялар ойлонттубу а күнкү* (Самудинов). *Үчүнчүдөн чөкпөө керек, үмүт үзбөө керек* (Жакиев).

**ЧӨК III** Төөлөрдү чөгөрүүдө колдонулуучу сөз. *Чөк! – деп койсо тил билген, Кыска кулак, кара көз, Ийри моюн, айры өркөч* (Осмонкул). *Чөк, какбаштын төөлөрү!* (Бөкөнбаев).

**ЧӨК САЛУУ** Белгилеп айтуу, баса көрсөтүү. – *Бул чөк салмайынкыз го, – деди тигил кыз, дагы кычыгына тие сүйлөп* (Байтемиров). **В.: Чөк коюу.** *Өз, жат деп, чөк коюп олтуруучу кез эмес.*

**ЧӨК ТҮШҮҮ ЖЕ ЧӨК ТҮШҮП ОТУРУУ** Эки тизеси менен буттун башын жерге тийгизип отуруу, чөгөлөө. *Элдин кай бирлери сыңар тизелеп, кай бири чөк түшүп отура калышты* (Жантөшев).

**ЧӨКМӨ** Куурулган жүгөрү же буудайды сары майга чылап, андан соң кымызга аралаштырып даярдалган даам түрү.

**ЧӨКӨ I** Вилканын ордуна колдонулуучу ичке таякча.

**ЧӨКӨ II: чөкө таан** *к.* **таан.**

**ЧӨКТҮР** **чөк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨКЧӨЙ** **бөкчөй** менен бирдей.

**ЧӨЛ** Жамгыр аз жаай турган, суусуз, кургак, ээн талаа. *Чөлгө дагы сонун шаарлар салынды, Бардыгына электрлер жагылды* (Барпы). *Гүлдөтүп Казакстан суусуз чөлүн, Түрдөтүп Ала-Тоонун салкын төрүн* (Шимеев). *Кең дүйнөлөр келип улам эсине, Чөл дүйнөгө айланганын түшүнүп* (Токтомушев).

**ЧӨЛ САРЫ** *аңч.* Көзү кызыл, өңү саргыч же саргыч боз бүркүттүн бир түрү.

**ЧӨЛ ТҮШҮРҮҮ** Чакчелекей түшүрүү, баш аламан кылуу. *Чөл түшүрүп баарысын, Айлына кууп барарда* («Манас). *Чөл түшүрүп буй кылып* («Семетей» С.К.). *Челише келген душманды, Чөл түшүрүп буй кылып* (фольк.). *Чынкожонун колуна чөл түшүрүп калсамбы!* («Семетей»).

**ЧӨЛДӨ** 1. Суусоо, чаңкоо. – *Олда, айланайындар ай, чөлдөп калышкан тура – дешип, туш-туштан жалына кетишти* (Таштемиров). 2. *өт.* Эңсөө, самоо. *Эски чакта эзилүүгө чыдабай, Ушул кыргыз таалай издеп чөлдөгөн* (Токомбаев).

**ЧӨЛДӨӨ** **чөлдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨЛДӨТ** **чөлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨЛДҮК** *диал.* Суу жээгинде жашоочу канаттуунун аты. *Алтымыш өрдөк бир чөлдүк, аталбай көлдөн учурдук.*

**ЧӨЛДҮҮ** Чөл жерлери көп, кургак келген. *Чөлдүү талаа.*

**ЧӨЛКӨ** **чөлкөм** менен бирдей. *Бул чөлкөдө бул карыга Кандай акын жарашат* (Токомбаев).

**ЧӨЛКӨМ** Айлана-чөйрө, аймак. *Нарын чөлкөмүндө көнөктөп кара нөшөр куйду.*

**ЧӨЛМӨК I** Тигиштин астыңкы жибин жиберип тартуучу тигүүчү машинанын бөлүгү.

**ЧӨЛМӨК II: ак чөлмөк** Эки топко бөлүнүп узундугу карыштан ашык болгон сөөктү же таякчаны ыргытып, кайра таап, түнкүсүн ойноочу оюн. *Ак чөлмөк ойноп тең өскөн, Жеңем калдың, эсен бол!* (Үмөталиев).

**ЧӨЛМӨКТӨ** Абдан суу болуу, суу жайылып каптап кетүү.

**ЧӨМ** **чөмү** менен бирдей.

**ЧӨМӨЛӨ I** Чабылгандан кийин ар кайсы жерге топ-топ кылып дөмпөйтүп чогултуп коюлган чөп. *Колхозчулар ошол биз тартып барган чөмөлөлөрдү үйө баштайт* (Таштемиров). *Жамийла чөмөлөгө айрыны ныгыра сайып, улам арабага өжөрлөнө силкип таштап жатты* (Айтматов).

**ЧӨМӨЛӨ II** **чөмөлөлө** менен бирдей.

**ЧӨМӨЛӨЙ** **чөмөлө** менен бирдей.

**ЧӨМӨЛӨЛӨ** Чөмөлө кылуу, чөмөлө кылып, бир жерге чокчойтуп жыюу. *Бул жерде бар топ окуучулар болуп чабылган беделерди чөмөлөлөп, бир жерге топтой беребиз* (Таштемиров).

**ЧӨМӨЛӨЛӨН** **чөмөлөлө** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧӨМӨЛӨЛӨӨ** **чөмөлөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨМӨЛӨЛӨТ** **чөмөлөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨМӨР** Сузуп алуу үчүн сууга, суюктукка идишти ж.б. батыруу, батыра сузуп алуу. *Арыктан бир чака суу чөмөрүп келип, радиаторго куйду* (Баялинов). *Сууга чаканы чөмөрдү.*

**ЧӨМӨРТ** **чөмөр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨМӨРҮҮ** **чөмөр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨМҮ** 1. Чумкуу, сууга чумуу, суюктукка, терге батуу. *Терең сууга чөмүдү. Терге чөмүдү 2. өт.* Ойго, кыялга батуу. *Кызынын бир ойго чөмүп кеткенин энеси байкайт* (Байтемиров). *Жымжырттыкка чөмүлгөн иңир сулуу, Оттоп жүргөн мал сулуу беде аңызда* (Самудинов).

**ЧӨМҮЛ** **чөмү** этишинин туюк мамилеси.

**ЧӨМҮТ** **чөмү** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨМҮҮ** **чөмү** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨМҮЧ** Суюк нерселерди сузуп алуу үчүн колдонулуучу, ар кандай металлдардан жасалган, узунураак сабы бар тегерек чуңкур сузгуч. *Калай чөмүчтү батыра сузуп, чоң эне өзү идиштерге тамак үлөштүрө баштады* (Сыдыкбеков).

**ЧӨМЧӨ** *диал.* Тумшугу ийри ултарылган өтүк.

**ЧӨМЧҮЛӨ** Кичинеден, аз-аздан берүү, чүмчүлөп берүү. *Сулай эне улам бирдемени алып келип, Абазга чөмчүлөп берип жатты* (Таштемиров).

**ЧӨМЧҮЛӨТ** **чөмчүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨНДӨЛӨЙ** Суурдун баласы. *Ал Осип тоо-ташты, аскаларды кыбың-кыбың карап, корккон чөндөлөй кебетеленип келе жатат* (Сасыкбаев).

**ЧӨНӨК** Казылган кичинекей чуңкурча, оюгу бар чуңкур. *Ташбай колундагы үч жылдык көчөттү тигил жаңы казылган чөнөккө өлчөдү* (Сыдыкбеков).

**ЧӨНӨКТӨ** Чөнөк жасоо, чуңкур кылып казуу, чуңкурча жасоо.

**ЧӨНӨКТӨЛ** **чөнөктө** этишинин туюк мамилеси.

**ЧӨНӨКТӨӨ** **чөнөктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧӨНТӨГҮ КАЛЫҢ** Бардар, акчасы көп, оокаттуу, жетиштүү. *Айыпка жыгылчу чөнтөгү калыңдар бийге мурун жолугуунун ыгын таппай жүрөт* (Осмоналиев). *Көп узабай Шодурдун промсолунан үмүтү бар чөнтөгү калың кишилер агылып келе баштады* (Укаев). **В.: Чөнтөгү түптүү.** *Чөнтөгүң түптүү болсо эмнеге тарткынчыктайсың.*

**ЧӨНТӨГҮ ТАЙКЫ** Колу жука, кембагал, начар, колунда жок. *Ээ, досум! Чөнтөгүң тайкы, колуң жука болгон соң, чыдабаска айла канча!* («Чалкан»).

**ЧӨНТӨГҮ ТҮПТҮҮ** *к.* **чөнтөгү калың.**

**ЧӨНТӨК** Акча же анчалык чоң болбогон буюмдарды салуу үчүн кийимдердин (пальто, шым ж.б.) сыртына же ичине кошо тигилген кичинекей баштыкча. *Жардынын чөнтөгүнө акча кирсе, турна болуп кыйкырат* (макал).

**ЧӨНТӨК ДЕПТЕР** Ар дайым жанына алып жүрүүгө ылайыктуу кичине көлөмдөгү дептер. *Унутуп калбайын деп, чөнтөк дептеринин көрүнөө жерлерине чоң тамгалар менен жазып да койгом* (Жусубалиев).

**ЧӨНТӨКТҮҮ** 1. Чөнтөгү бар, чөнтөк салынган. *Төш чөнтөктүү көйнөк. 2. өт.* Акчалуу, акчасы көп.

**ЧӨНТӨКЧҮ** Чөнтөктөн уурдап алуучу ууру. *Чөптөкчү ууру.*

**ЧӨҢКӨ** *сүйл.* Чоюндан жасалган, түбү жана ооз жагы кууш келген казан.

**ЧӨҢӨР** Куурай, беде ж.б. чөптөрдүн чабылып, орулуп алынгандан кийин калган кыска катуу дүмүрү, сабагы. *Жылаңайлак бутуна чөңөр кирип, [Жылдызкандын] эки жери канап кетиптир* (Байтемиров).

**ЧӨҢӨРЛҮҮ** Чөңөрү бар, чөңөрлөрү көп. *Чөңөрлүү жер.*

**ЧӨӨ** Көбүнчө тарптар менен тамактануучу ит тукумундагы жырткыч айбан. *Карагай черлүү жеринде Чөө деген дагы бар* (Тоголок Молдо).

**ЧӨӨГҮН** Чай же суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы, чоргосу бар идиш. *Отко коюлган көк чөөгүн тез кайнады* (Сыдыкбеков). *Катарланган төөсүнө калайлуу кумган, жез чөөгүн Баарын жүктөп таштаптыр* («Эр Табылды»).

**ЧӨӨДӨЙ** Сапсары, өтө сары. *Кайыктын моторун башкарып бараткан чөөдөй арык кыргыз жигит* (Мавлянов).

**ЧӨӨКӨР** Чаар, чаар ала.

**ЧӨӨЛМӨК** 1. Чөөлмөктөп калган суу же суюктук. Куш, бүркүт кармоочу тордун ичине сайыла турган иймек жыгач.

**ЧӨӨЛМӨКТӨ** Бир жерге чогулуп, сарыгып токтоп калуу, сарыгып чогулуу, көөлгүп көп болуу (көбүнчө суюктук жөнүндө).

**ЧӨӨЛМӨКТӨТ чөөлмөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧӨӨЛҮ I** Баштагысындай болбой чарчаган, чаалыган кебетеге келүү, күчү кайтуу.

**ЧӨӨЛҮ II** *диал.* Суюк тамак-аштын, суюктуктун ичинен коюуларын сузуп алуу үчүн колдонулуучу сымдан же чийден жасалган сузгуч.

**ЧӨӨЛҮГҮҮ** Чарчоо, чаалыгуу, шайы кетүү, алдан-күчтөн таюу, илээлеп калуу. *Чөлгө жакын жетиптир, Чөөлүгүп кирип кетиптир* («Манас» С.О.).

**ЧӨӨТ** Жаан-чачындан кийин же арыктагы суу соолгондон кийин, акпай ар кайсы жерге токтоп калган суу. *Жаандан калган чөөт суудай болуп мелтиреп турат* (Жантөшев).

**ЧӨП I** Ичке сабактуу бир жылдык же көп жылдык, көбүнчө тоютка жумшалуучу майда өсүмдүк жана анын тоют үчүн жыйналып алынгандагысы. *Чөп чыкпаган сайдан кач, Кайыры жок байдан кач* (макал). *Ар бир түрлүү сонун чөп, Ыргалып турат тоолордо* (Тоголок Молдо). *Андрей эрте туруп алып уюна чөп салып, бастырмасынын үстүндө жүргөн* (Байтемиров).

**ЧӨП II** Ичтеги мезгилинде түйүлдүктү азыктандыруу жана зат алмаштыруу үчүн малдын жатынынын ичинде жаралуучу орган. *Койдун чөбү. Уйдун чөбү.*

**ЧӨП БАШЫЛОО** Үстүртөдөн, тийди-качты болуп, анда-мында бир тийип иштөө, чокулап тим болуу же бир жерге орун алып, байыр алып тура албоо. *Өзүңүз деле ар кайсынын башын кур койбой, чөп башылайсыз деши мүмкүн* (Бейшеналиев). *Ошол себептен аларды чөп башылап гана айтышым ылайык* (Үмөталиев). *Бирин-серин эмгектен качкандар чөп башылап кызмат кыла баштады* (Алыбаев).

**ЧӨП БАШЫН СЫНДЫРБОО** *к.* **куурай башын сындырбоо.**

**ЧӨП ЖЕЛКЕ** Колунан эч нерсе келбеген, абдан чабал, мажүрөө. *Бу чөп желкени кайдан тапкансың.*

**ЧӨП КӨЧҮК** Жүүнү бош, мажүрөө. *Олда, ушул чөп көчүктөрдүн азабы ай* (Сыдыкбеков).

**ЧӨП ООЗ** Бирөөнүн жерине мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү салык. *Мен Карабайдан кетер жылы агам Табылды чөп оозго беш сом акча төлөмөкчү болуп калат* (Баялинов). *Ырамат-чыгым, чөп ооз айыл жакшыларынын энчиси, айтор, бүгүн тапканы бүгүн бойго жукпай, кайдагы түбү терең кудукка түшөт да, жок болот* (Сыдыкбеков). *Эми чөп оозу чыгат эмеспи дагы* (Даникеев).

**ЧӨП ОРДУНА КӨРБӨӨ** Киши ордуна санабоо, адам катары эсептебөө, тоготпоо. *Ал элди чөп ордуна көрбөдү.*

**ЧӨП ОТУ** Ижарага берилген жайыт, кыштоонун от майы, акысы. *Теричи Тезекбай чөп отуна май отун берейин деп жайыт сураптыр* (Абакиров).

**ЧӨП СЫНДЫРУУ** Кимдир бирөөнүн мурдагыдай болбой, өзгөрүп калгандыгына же биринчи ирет бир нерсени баштап, колго алып жаткандыгына ж.б. карата айтылат. *Жыйналышта сөз катпай отурчу элең, эми сөзгө аралаша баштапсың, башыңа чөп сындырып коёлу! – дешти отургандар Каныштты какшыктап* («Ала-Тоо»).

**ЧӨП-ЧАР** Чөп жана ар кандай быр-сыр, майда тыпын, саман-топон ж.б.

**ЧӨПБАШЫ** *диал.* Чөптү, тоютту коруган адам.

**ЧӨПКАНА** Жыйналган чөптү коюучу, сактоочу жай.

**ЧӨПКАТ** Китептин арасына салынуучу же окуганда ошону менен из кууп, жол кууп окуучу тасма. *Китептеги кандайдыр бир түшүнүксүз нерселерди колубуздагы чөпкат менен түрткүлөп окуур элек* (Баялинов).

**ЧӨПТӨН БАШКАГА ЗЫЯНЫ ЖОК** Эч нерсе менен иши жок, өзүнчө жүргөн, момун деген мааниде. *Чөптөн башкага зыяны жок бир бечара, жүрө берсин, жайына кой, аны* («Ала-Тоо»).

**ЧӨПТҮҮ** Чөбү көп, чөбү калың чыккан, чөп баскан. *Чөптүү жер.*

**ЧӨПЧҮ** Чөп чабуу, чөп жыйноо иштерине катышып жаткан адам, чөп жыйноочу, чөп чабуучу. *Чуулдаган чөпчүлөрдүн бир тобу айылга чаап барып бат келишти* (Айтматов).

**ЧӨПЧҮЛӨ** Ар нерсенин башына тийипкачып иштөө. *Жети жыл чөпчүлөп жүрүптүр.*

**ЧӨРГӨ** *диал.* Ороо. *Этегине чөргөп, баланы көтөрүп кетет* («Ала-Тоо»).

**ЧУ чү** менен бирдей.

**ЧУБА** 1. Биринин артынан бири үзгүлтүксүз өтүү, жүрүү. *Койлор кыбырап чубай баштады* (Убукеев). *Солдаттар чубап келе жатышат* (Сасыкбаев). 2. Кандайдыр бир нерсенин жибин үзбөстөн суурууу, жандыруу. 3. *өт.* Улам бирин, биринен сала бирин алып чыгуу, көрсөтүү. *Назгүл Эсенге алгандарын чубап көрсөттү* (Бейшеналиев).

**ЧУБАК** Шоола, күндүн нуру. *Саратан күн жалындап турган убак, Мунарып көз уялтып, түшкөн чубак* (Бөкөнбаев).

**ЧУБАКТА** Күн нуруна, шооласына кактануу. *Тамдын түбүндө күнгө чубактап, эки кемпир жүн тытып олтурат* (Тоголок Молдо).

**ЧУБАКТЫН КУНУНДАЙ КУУ** Доолуу иштин артынан сая түшүү, алмайынча калбоо, тынчтык бербөө. *Болбосо бул ишти Чубактын кунундай кууп, чуулгандуу*

*кылып жибериши ыктымал* (Үмөталиев). **В.: Мамайдын кунундай куу.** *Мамайдын кунундай кууду.* **Чубактын чуусундай.** *Чубактын чуусундай болду.*

**ЧУБАЛ чуба** этишинин туюк мамилеси.

**ЧУБАЛЖЫ** Биринин артынан бири чубаган абалда болуу, чубалыңкы абалда болуу, созулуп, узун көрүнүү. *Чоң кара атанды жетелеп, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат.* (Жантөшев).

**ЧУБАЛЖЫН** Чубалган, чубалжыган. *Чубалжын куйрук.*

**ЧУБАЛЖЫТ чубалжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУБАЛУУ чубал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУБАМА: чубама жол** Чубап өтүүчү, биринин артынан бири гана чубап өтө турган жол. *Көк шагылдуу чубама жол менеп кой-эчкилерди чубатып бара жаткам* (Сасыкбаев).

**ЧУБАТ чуба** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУБОО чуба** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУБУР** 1. Биринин артынан бири жүрүү, чубоо. *Суукка чыйрыгып калган койлор чубуруп короого келе баштады* (Убукеев). *Кулунтайы оюн салып чубурган, Кошкурушуп так секирип жулунган* (Осмонкул). 2. Суюктук же дан, кум сыяктуу чачылма майда заттар чубай куюлуу, чубай төгүлүү, биринин артынан бири агылуу. *Ар коктудан жаркырап, Миңдей булак чубуруп* («Манас»). *Байбиченин көз жаштары сурданган беттеринен талаа-талаа чубурду* (Сыдыкбеков). *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп аппак ун болуп чоң ящикке эленүүдө* (Сыдыкбеков).

**ЧУБУРМА** Куюлуп, чубуруп турма. Чубурма заттар.

**ЧУБУРТ чубур** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУБУРУУ чубур** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУБУТ** *диал.* Куйту. *Чубут кул.*

**ЧУК** Толук, даяр, белен. *Хан Акундун эрлери, Бүт жыйылып чук болду* («Семетей»).

**ЧУК ЭТПӨӨ** Эч кыймылдабай, үн чыгарбай тымтырс болуу. *Эки жагында ызат кылышып, биртике арткарак турушкан улуу-кичүү анын оозун карап, чук этишпейт* (Касымбеков). *Эч ким чук этпей, бирин бири алдыртан тиктеп, дым боло түштү* (Касымбеков).

**ЧУКАК** Аз, тартыш, кемчил. *Башка чукак экен* («Манас» С.О.). *Малга кемчил, башка чукак элем, ушул кызды мага кыйгыла, бала кылып асырап алайын* (Жантөшев).

**ЧУКУ** 1. Бир нерсенин учу менен чукурайтып түрткүлөө, ойгулоо, казгылоо, оюп алуу, олуп алуу, казуу. *Майлыбай камчысынын сабы менен жер чукуй берди* (Токомбаев). *Буурсун тийген чийин жок, Суур чукуган ийин жок* (Каралаев). 2. *өт.* Кандайдыр бир нерсе жөнүндө ачык айтып салуу, ашкерелеп айтуу. *Кокус, ал ачуусу менен капкайдагы жашыруун сырды чукуп салбагай эле* (Каимов).

**ЧУКУГАНДАЙ СӨЗ ТАБУУ** Сөздү орундуу сүйлөгөн, чечендик жайы бар деген мааниде. *Чукугандай сөз тапкан, сөзү менен элди кубанткан* («Кыргызстан маданияты»). *Кээде ага тийишкендерди ал чукугандай тапкан эки-үч ооз сөзү менен жаагын жап кылчу* («Ала-Тоо»). *Куйручуктун чукугандай сөз тапкан тайманбастыгы жомоктолууда* (Бейшеналиев).

**ЧУКУЛ I** 1. Шашылыш, тезинен, кезексиз. *Чакырат сизди дароо дивизияга, Билбедим кандай чукул жумушу барын* (Үмөталиев). 2. Кескин, кыска, дароо, чукулунан. *Сен да жардам бермексиң, Жасоодо чукул бурулуш* (Турусбеков). *Керимахун карабай туруп гана чукул жооп берди* (Жантөшев). 3. Жакын, абдан жакын. *Кыраан Манас жаш бала, Бет алып чукул барды эми* («Манас»).

**ЧУКУЛ II чуку** этишинин туюк мамилеси.

**ЧУКУЛА чуку** менен бирдей.

**ЧУКУЛАТ чукула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУКУЛАШ чукула** этишинин кош мамилеси.

**ЧУКУЛДА** Жакындоо, жакын калуу, аз калуу, чукул калуу. *Элдин жайлоого чыгуу мезгили чукулдап калган* (Жантөшев). *Жүрүш-бүттү. Чукулдады бөлүнүш, Ишибизди тыянактай баштадык* (Токомбаев).

**ЧУКУЛДАТ чукулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУКУЛДОО чукулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУКУЛДУК** Көбүнчө таштуу жерлерде же катуу тоо тектеринде иштөө үчүн колдонулуучу эки жагы тек учтуу, шилтеп чабууга ылайыкталган курал. *Чукулдугум колумда, Тоону бузам, көрүп ал!* (Сасыкбаев).

**ЧУКУЛУК чукулдук** менен бирдей.

**ЧУКУЛУНАН** Дароо, күтүүсүздөн, түздөн-түз; тез арада. *Чукулунан чыга калуу. Чукулунан сөз табуу. Чукулунан баруу.*

**ЧУКУР** *диал.* **чуңкур** менен бирдей.

**ЧУКУРАЙ** Ичине кирүү, сорулуу, чуңкураюу, түшүү. *Көзү үңүрөйүп, жаагы чукурайды.*

**ЧУКУРАЙТ чукурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУКУРАН** Уйкуда жатып козголуу, ыңгырануу (көбүнчө балага карата). *Токтогул чукуранып, барып кырынан жатты* (Токомбаев).

**ЧУКУРАНУУ чукуран** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУКУУ чуку** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУКУУР** Чукуганга ылайыктуу курал. *Тиш чукуур, кулак чукуур.*

**ЧУКУШ чуку** этишинин кош мамилеси.

**ЧУКЧУГУЙ** Чукчуйган, чуштуюп көрүнгөн.

**ЧУКЧУЙ** Чуштуйган ичкерээк көрүнүштө болуу. *Мамырбай аке ушундай көзү сурмалуу, чукчуйган кара киши болучу (*Касымбеков).

**ЧУКЧУЙТ чукчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУКЧУҢ: чукчуң этүү** *же* **чукчуң-чукчуң этүү** Жактырбаган же ачуусу келип мулундап, башын чулгуп койгондой мүнөз көрсөтүү. *Үчүнчүсү жетпей калып ызалуу, Чукчуң этип мойноп кетти таарынып* (Токомбаев).

**ЧУКЧУНДА** Чукчуң-чукчуң этүү.

**ЧУКЧУНДАТ чукчунда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУКЧУНДОО чукчунда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУЛГА** 1. Ороо, чалып ороо, курчап ороо. *Башын жун жоолук менен чулгап алган* (Сасыкбаев). *Баштарында ак чүпүрөк, кээ бирөөлөрү ээк алгычы менен кошо чулгаган* (Токомбаев). 2. *өт.* Каптоо, каптап алуу, айланасын курчап алуу. *Буржуйган кара булуттар, Тоолордун башын чулгады* (Токомбаев).

**ЧУЛГАН чулга** этишинин өздүк мамилесин.

**ЧУЛГАТ чулга** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛГОО I** Бут кийимдердин (көбүнчө өтүктүн) ичинен бутка ороочу бир бөлүк же бир тилке кездеме. *Суу болгон кийиз чокоюн чечип, чулгоосун оронуп, кургактап кийинди* (Сыдыкбеков).

**ЧУЛГОО II чулга** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУЛГУ** Башты ийкей булкуу, башты булка кыймылдатуу. *Кула кер, минген аты жорго басык, Кубулжуйт, башын чулгуп жорто басып* (Осмонкул).

**ЧУЛГУТ чулгу** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛГУУ чулгу** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУЛГУУР** Кызарта ысытып, тешик жасоо же тешикти кеңейтип көзөө үчүн колдонулуучу жумурусунан келген көзөгүч темир. *Кереге башына илинген аталга, чулгуур, үшкү* (Жантөшев).

**ЧУЛДУ** Майда-барат калдыктар. *Азыноолак чулдусу, Доңуз сырты, бетеге* (Молдо Кылыч).

**ЧУЛДУК** Буттары узун, ичке узун тумшуктуу, анчалык чоң болбогон саз кушу. *Өрдөк жокто чулдук бий (*макал).

**ЧУЛДУР** Сүйлөгөндө кээ бир тыбыштарга тили келбеген, тыбыштарды так, туура айта албаган (көбүнчө балдарга карата). *Чулдурдун тилин энеси билет* (макал).

**ЧУЛДУРА** 1. Кээ бир тыбыштарды (мис. «л», «р») туура айта албоо, ушул тыбыштарга тили так келбей сүйлөө. 2. Сайроо. *Торгойлор адырдын ысыгына камыккан эмедей, асманга бийик көтөрүлүп чулдурашат* (Абдукаримов). *Таң сөгүлдү таң торгою, таң торгою чулдурап* (Үмөталиев). 3. Анча-мынча, эптеп-септеп сүйлөө, так сүйлөй албоо, түшүнүксүз болгон сөздөрдү айтуу. *Ал кытайча бир аз чулдурайт. Чулдураган солдаттар, Билбейт го менин жөнүмдү* (Токтогул).

**ЧУЛДУРАТ чулдура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛДУРАШ** Анча-мынча сүйлөшө коюу, өздөрүнө түшүнүктүү сөздөр менен анча-мынча кужулдаша коюу.

**ЧУЛДУРОО чулдура** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУЛК чулп** менен бирдей.

**ЧУЛКУЛДА** Суюктуктун кандайдыр бир идиштин ичинде чайкалышынан улам чыккан же ошого окшогон дабышты билдирүү, чулк-чулк этүү.

**ЧУЛКУЛДАТ чулкулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛП** Сууга ж.б. суюктукка бир нерсе түшүп кеткенде пайда болгон дабышты билдирүүдө колдонулат. *Сууга түштү Чолпонбай, Сурдөбөстөн чулп этип* (Осмонкул).

**ЧУЛПУЛДА** Чулп-чулп эткен дабыш чыгуу (мис. сууга түшкөндө, сүзгөндө).

**ЧУЛПУЛДАТ чулпулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛПУЛДОО чулпулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛТУЙ чолтой** менен бирдей.

**ЧУЛТУЙТ чултуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛУ** 1. Уюлгуган чың, бир бүтүнгө бириккен нык, бышык, уюл. *Зайна борчукка чыгууга аракеттенди эле, мизилдеген чулу таштан жылбышып кайра түштү.* 2. *өт.* Москоол, олбурлуу, чымыр, чың денелүү (кишиге карата). *Кычан Атайдан кырдуураак, чулу* (Бейшеналиев).

**ЧУЛУ БАШ** Таштай катуу баш. *Күрсү тийсе оюлбас, туюк сөөк, чулу баш* («Манас»).

**ЧУЛУЙ** Мурчуюу, мулуйган абалда болуу. *Көздөрүнүн агы менен чулуя карап орундарынан кыймылдашпады* (Сасыкбаев). *Чулуйган Сатар да тотуга түштү* (Бейшеналиев).

**ЧУЛУК** Саздын, шалбаанын чөбү. *Бирден торпокту же эки үчтөн койду, ошолор, өзбектер, терит беришип, чулук менен жемдешип семиртерин Сартбай жакшы билет* (Мавлянов). *Чулуктан чөп чабабыз.*

**ЧУЛЧУГУЙ** Чулчуйган, чулчуйган шишиги бар, бети чулчуйган толук.

**ЧУЛЧУЙ** Бултуюп толук болуп көрүнүү, көбүнчө эки уурту бултуюп туруу. *Чүйлүсү чыгып, эки бети чулчуйган Атакан бай келди* (Абдукаримов).

**ЧУЛЧУЙТ чулчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛЧУК** Чулчугуй, бети чулчуйган, эки уурту чулчуйган.

**ЧУЛЧУҢ: чулчуң-чулчуң** Көбүнчө жаагын чулчуйта чайнагандагы көрүнүштү, кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧУЛЧУҢДА** Чулчун-чулчуң этүү. *Бирөө чулчуңдап чайнап жатып, эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук кылды* (Элебаев).

**ЧУЛЧУҢДАТ чулчуңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУЛЧУҢДОО чулчуңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУМ чуму** менен бирдей.

**ЧУМА** Өтө жугуштуу эпидемиялык катуу оору.

**ЧУМАК** *эск.* Өгүзгө чегилген арабаны айдоочу арабакеч. *Алардын ичинде мурда чумак болуп жүрүп, Каспийден бери жүк тартып келген бир даары атарабалуу эле* (Акматов).

**ЧУМГАНСЫ** Ойго, кыялга баткандай абалда болуу. *Кандайдыр бир ойго чумгансып, такыр кабагын ачпайт.*

**ЧУМКУ** 1. Чөмүү, сууга чөмүү, сууга бүт денесин матырып кирип кетүү. *Балапан эч нерседен коoп санабай, көлгө чумкуп, канат-башын каккылап таранат* (Жантөшев).

**ЧУМКУТ чумку** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУМКУУ чумку** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУМУ** 1. Чумкуу, сууга чөмүү, чөмүлүү. *Шыргалаң муздак сууларга, Чумуп чайкап алчу эле* (Каралаев). 2. *өт.* Батуу (мис. ойго, кыялга). *Керкибай түнү менен таттуу кыялга чумуп уктабай чыкты* (Каимов).

**ЧУМУЛ чуму** этишинин туюк мамилеси.

**ЧУМУТ чуму** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУМУУ чуму** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУНАЙ** 1. Кулагы жок же өтө кыска, чолок болуп көрүнүү. *Жарбаңды Маймыл десең чүрүш баш Кулагы жок чунайган* (Токомбаев). 2. Кулагын жапыруу (көбүнчө жылкыга карата).

**ЧУНАЙТ чунай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУНАК** 1. Кулагы жок, бир кулагы жок же чолок кулак, кулагы кыска. *Кулакчыныңды түшүрүп ал, кокустан чунак болуп каласың* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Бактысыз кырсыктуу кара жолтой, кокуй экенсиң деген мааниге жакын, көбүнчө жемелөө иретинде колдонулат. *Тушунарга туяк жок, Тууганымдан айрылган, Журтта мендей чунак жок* («Манас»). *Чунак бала ушулардын баарын мага айткан эмес эле го, деп Мусабек да таңыркады* (Сасыкбаев). *Чунак киши же таарынып калдыбы?* (Стамов).

**ЧУНАҢ: чунаң-чунаң этүү** Кулагын жапырып тиштөөгө же тээп жиберүүгө аракет кылуу (көбүнчө жылкыга карата).

**ЧУНАҢДА** 1. Кулагын жапырып тиштөөгө аракет кылуу, чунаң-чунаң этүү (көбүнчө жылкыга карата). *Кулунун кызганып ак байтал мага чунаңдады* (Мидин). *Шабыраалы барып атын чечип, туура тартып мингени жатканда, жорго чунаңдап тиштеп алды* (Байтемиров). 2. *өт.* Жактырбаган, терс, кырс кыял көрсөтүү. *Келиниңдин кыртышы сүйбөй, чунаңдап калыптыр* (Осмоналиев).

**ЧУНАҢДАТ чунаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУНАҢДОО чунаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУҢКУЛ** Түз эмес, ойдуң, чуңкурайган.

**ЧУҢКУМА** *диал.* Чуңкуп кетме. *Сууга батты чуңкума.*

**ЧУҢКУР I** 1. Казылган же жер бетинде башка табигый себептер менен пайда болгон оюк, терендикке карай кеткен оюк; бирдей тегиздиктин оюгураак жери, бөксөсү бар же кандайдыр толбогон кемтиги бар жери. *Бул кезде жүз кадамдай чуркап келип, Чуңкурга жата калдым белендеңип* (Осмонов). 2. *өт.* Түп жагы терең, оюгу терең. *Чуңкур табак. Ташбай.. чуңкур оюлган аңгекте топон себилген ылайды аралаштырып жатат* (Сыдыкбеков).

**ЧУҢКУР II** *диал.* Устачылыкта коoздукка из түшүрө турган аспаптын аты. *Чуңкурдун да өз милдети бар.*

**ЧУҢКУРАЙ** 1. Чуңкур болуу, оюлуп чуңкур абалга келүү. 2. Ичин көздөй кирип кетүү; текши же толук болбой, кабырылып оюк болуп көрүнүү. *Максуттун эки уурту чуңкурайып калыптыр* (Сасыкбаев).

**ЧУҢКУРАЙТ чуңкурай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУҢКУРАЮУ чуңкурай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУҢКУРЧУК** *диал.* Чуңкурайган жер.

**ЧУП I** Сын атоочтун чупчуңкур сыяктуу күчөтмө даражасын уюштурат.

**ЧУП II чулп** менен бирдей. *Көл мелтиреп жел калкып, Чуп-чуп ыргып ак балык* (Элебаев).

**ЧУР I** Кандайдыр бир чогуу, көп болуп жапырт чыккан добушту, көбүнчө кыйкырыкты билдирүүдө колдонулат. – *Түшүнүктүү, түшүнүктүү! – деп отургандар чур эте түшүп басылышты* (Жантөшев).

**ЧУР II** *диал.* Топ же кыска жыгач тээп ойной турган оюн.

**ЧУР КАРМОО** Чүкө ойноп жатканда чүкө алуу максатында оюнга катышпаган бирөө тизилип коюлган чүкөлөрдү жыйып алып, белгилүү эрежелерге ылайык өзүнө таандык кылып алуу. *«Чур кармадым, чурумду берип кеткин», – деп Кычы кылып калыска, Сүрөп турат балалык* (Токтогул).

**ЧУРА** Чуркоо, катуу жүгүрүү. *Бадал менен черинде Бугу, марал чураган* («Семетей»). *Кычан кунанын салкындатып бастырмага байлап, Актан атасын көздөй чурады* (Бейшеналиев).

**ЧУРАЙ** Эки сандын кошулган жери. *Тумшугун чурайына катып жалгыз сары канчык эшиктин түбүндө жаткан экен* (Сыдыкбеков).

**ЧУРАТ чура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУРКА** 1. Жүгүрүү, катуу, тез жүрүү. *Чуркаган баланы көрүп, чалдын буту зыркырайт* (макал). *Чуркап отуруп бир оокумда караса Жылдызкан кыштакка кирип кетиптир* (Байтемиров). *Атаганат Чалкуйрук, Арбыта чуркап алыптыр* («Эр Төштүк»). *Энем экөө ыраак калып калышты, мен жеткирбей чуркап кеттим* (Жакиев). 2. Тароо, жайылуу. *Ой бийлеп, чубап жатты көңүл чиркин, Кан чуркап, кагып жүрөк эркин-эркин* (Бөкөнбаев).

**ЧУРКАМ** Чуркоо абалы, чуркоого жарамы. *Чуркамы мыкты ат.*

**ЧУРКАТ чурка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУРКАШ чурка** этишинин кош мамилеси.

**ЧУРКОО чурка** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУРКУРА** Чурулдап жалпы, жапырт үн чыгаруу. *Короодо койлор чуркурап* («Эр Табылды»). *Үйдү көздөй жөнөдүк, Үн алышып чуркурап* (Осмонкул).

**ЧУРКУРАТ чуркура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУРКУРАШ чуркура** этишинин кош мамилеси.

**ЧУРКУРОО чуркура** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУРМУЙ** Мурчуюу. *Төлөнбай миңбашы Мырзабайды чурмуя карады* (Абдукаримов).

**ЧҮРМҮЙ чурмуй** менен бирдей.

**ЧУРМУЙТ чурмуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУРМУНДА** Чурмундоо, чурмуя кароо, чурмуюп, жактырбаган түр көрсөтүү. *– Эмне!.. – Келин акшыя тиктеп, чурмуңдап сала берди* (Касымбеков).

**ЧУРМУЮУ чурмуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУРУ: чуру-чуу** Баш аламан кыйкырык-өкүрүк; баш аламан чыккан үн, ызычуу. *Эшиктен баш чыгарып кол булгадым, Сөз айтты чуру-чуудан укпай калдым* (Абдукаримов). *Эл ичи чуру-чуу болуп толкуду* (Бейшеналиев).

**ЧУРУК** *диал.* Жылкынын териси улам бир жеринен жарылып, ириң-кан чыгып ооруган оорусу.

**ЧУРУЛДА** Чуркуроо, бир эле мезгилдин ичинде иретсиз, баш аламан көп үн чыгаруу, туш-туштан кыйкыруу. *Орусбекке кектүү араң олтурган балдар туш-туштан чурулдады* (Сыдыкбеков). *Ботом, койсоңчу чурулдабай, Батыштын күнөөсү бар беле? – деди арт жактан бирөө* (Байтемиров). *Чурулдаганыбызга моюн берген жок* (Стамов).

**ЧУРУЛДАТ чурулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУРУЛДОО чурулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУРУМ чур кармоо** менен бирдей.

**ЧУУ** 1. Баш аламан чуркурай чыккан дабыш, кыйкырык, дуу. *Жогортон бакырыктуу чуу чыкты* (Сасыкбаев). *Көчөнүн ичи уйлардын дабышы менен чууга толду* (Каимов). 2. *өт.* Чыр-чатак, дүрбөлөң. *Жаман адам ууга жүрөт, артынан чууга чыгат. Ышкынаалы бирөөнүн көңүлүн калтырып чатакташып, чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров). *Эч чуу көтөрбөй тымызын издеш керек* (Жантөшев).

**ЧУУ БАСАР** *этн.* Кыз качып кеткенде, кызды алган жак анын ата-энесинен кечирим суроо, алдынан өтүү, таанышуу максатында тийиштүү жолу менен келүү салты. *Андан көрө чуу басарды чоңураак доолаш керек* («Чалкан»).

**ЧУУ ДЕЙ ТҮШҮҮ** Көбүнчө алакан менен катуу чаап жибергендеги дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧУУ КӨТӨРҮҮ** Бир нерсени күчөтүп ызычуу кылуу, бүлүк түшүрүү. *Кумалакты кунаажындай, чымынды тоодой кылып чуу көтөрдү. Ошол күнү кечинде алар: «Бизге Интергельпонун кереги жок», – деп чуу көтөрүштү* (Ашымбаев). **В.: Чуу салуу.** *Түшүнөт ар ким сөздүн жайын, өзү тайыз, чуу салып жүргөндөр көп* (Борбугулов). **Чуу чыгаруу.** *Артымдан чуу чыкпасын деп коркчубуз* (Бердикеев).

**ЧУУ КУЙРУК** Чуулгандуу, жоболоңдуу, шыкакчы, жөн жүрбөгөн, дүрбөлөң түшүрүп жүрүүчү, жаман жагы менен аты чыккан. *Чуу куйрук чуркап өтүп кеткен чакта, Изинен өзөк, жалаа, ушак өнгөн* (Токомбаев). *Чуу куйрук чындап мени мактабаптыр* (Токомбаев). *Сүйүү деген сөздү үй-бүлө күтүү деп бир жактуу түшүнгөн сезимсиз жигит чуу куйрук жүрүшүн уланта берди.*

**ЧУУ ТУРУУ** Бир оздон жапырт унчугуу (бир нерсени колдоо, кубаттоо же макул болбоо учуруна карата). *Жумушчулар анын кебин ээрчип: – Туура, эрте камыналы, – деп чуу турушкан* (Ашымбаев). *Шволик эс-*

*акылын токтотуп, бир ойго келгиче өтүкчүлөр кайрадан чуу турушту* (Ашымбаев).

**ЧУУДА** Төөнүн тизеси менен моюнунун астындагы кылчыктуу узун жүнү. *Чуудаларын чаң баскан, Куйтум? Көп төөм бар эле Куйтум?* («Эл адабияты»). *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков).

**ЧУУДАЛА** Төөнүн жүнүн кол менен чогултуп алуу. *Жоош төө чуудаларга жакшы* (макал).

**ЧУУДАЛУУ** Чуудасы сеңселген, калың чуудасы бар. *Чуудалуу төө.*

**ЧУУЛА чуулда** менен бирдей.

**ЧУУЛАТ чуула** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУУЛГАН** Чуу, дүрбөлөң, бүлүк, чыр-чатак. *Чубак жетип калмакка чуулганды салды эми* («Манас»). *Аш үстүндө эр болсо, Салып көрсүн чуулган* («Эр Табылды»).

**ЧУУЛГАНДУУ** Дүрбөлөңдүү, чыр-чатактуу, бүлүктүү. *Чуулгандуу киши.*

**ЧУУЛДА** 1. Ызы-чуу түшүү, уу-чуу болуу, чуруладоо. *Чуулдап айыл ичи бака-шака, Сумсайган кээ биринин колунда айры!* (Турусбеков). *Алды жактан балдардын чуулдаган үнү угулду* (Сыдыкбеков). *Отургандар чуулдап жиберишти* (Жантөшев). 2. *өт.* Октун абаны жарып өткөнүндөй дабыш чыгаруу. *Одер дарыя жээгинде, Аткан октор чуулдайт* (Үмөталиев). *Анархандын бүткөн бою дүрүлдөп, кулактары чуулдап, Кайназардын акыркы сөзүн укпай да калды* (Жантөшев).

**ЧУУЛДАК** Чуулдаган, чуркураган үн, дабыш, чуру-чуу.

**ЧУУЛДАТ чуулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУУЛДОО чуулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУУЛОО чуула** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧУУЛУУ чуулгандуу** менен бирдей.

**ЧУУР чубур** менен бирдей.

**ЧУУРУ чубур** менен бирдей.

**ЧУУСУ ЧУБАЛУУ** Жаман иштери, кылык-жоругу, жүрүш-турушу билинүү. *Бийликтин башындагылардын чуусу чубалды* (Бектенов).

**ЧУУТ чуу куйрук** менен бирдей.

**ЧУУТТУК** Эки жүздүүлүк, шыкакчылык, чуу чыгарып, уруш баштаганды жакшы көргөндүк. *Аңкоо чалыш баатырга, Чууттугун жүргүздү* («Манас»).

**ЧУЧТУГУЙ чуштугуй** менен бирдей.

**ЧУЧТУЙ чуштуй** менен бирдей.

**ЧУЧУГУН ЧАГУУ** 1. Жазасын берүү, уруп-согуп жазалоо. *Атаң келгенде чучугуңду гана чактырбасамбы.* 2. Бир нерсени жасоого ыктуу болуу, ыгын жакшы билүү, мыкты аткаруу. *Машиналарды оңдогонду билмек түгүл, тим эле чугуну чагат..*

**ЧУЧУГУНА ЖЕТҮҮ** Жанына батуу, аябай катуу тийүү, жан кейитүү. *Кыштын суугу сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткендир* (Токомбаев). *Бул каар Ополдун чучугуна жетти* (Осмоналиев). *Жанатан бери бу кишинин айткандары сөөгүмдөн өтүп, чучугума жетти* (Үмөталиев). *Ошондуктан, сиңдисинин сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете турган сөздөрдү айтуудан тайманган жок* (Медетов). **В.: Чучугуна тийүү.** *«Алып алган өз аялындай» деген сөз чучугума тийди* (Казакбаев).

**ЧУЧУЙ** Тар, ичке, чүрүшкөн. *Кудагыйыңдын бергени чучуйган бир көйнөк, кишини шылдыңдагансып* («Чалкан»).

**ЧУЧУК** 1. Жоон майлуу ичегилер. 2. Узун-узун тилинип, сыртынан ичеги менен капталган жылкынын казысы. *Жутаке эки кесим чучукту кабаттай сугунду* (Жантөшев). *Үйдө таман эли казыдан туздү бир аз өткөрүбүрөөк салып, калемпир, пияз, кошуп жасалган чучуктун жарымы бар болучу* (Абдумомунов). 3. Жиликтин ичиндеги май.

**ЧУЧУКТАЙ** Денесине чыпташкан, өтө эле тар көрүнүштө болгон кийим-кече, шым.

**ЧУЧУКТАЙ ЧЫҢЫРУУ** Кыйкырып, чыңырып ыйлоо, өкүрүп-бакыруу. *Колу-жолу бош болсо, азыр береги опуз кылгандардын башын чымчыктай жулуп, же тирүүлөй кыйнап, отко салган чучуктай чыңыртпас белем* (Өмүрбаев).

**ЧУШТУГУЙ** Чуштуюп чыгып турган, ичке, учтуу болуп көрүнгөн.

**ЧУШТУЙ** Чукчуюп, учтуу болуп ичкерээк көрүнүү. *Тихонов көзү кичине, мурду чуштуйган жапалдаш бойлуу, ичке киши болучу* (Жантөшев).

**ЧУШТУЙТ чуштуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧУШТУЮУ чуштуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮ** Атты бастырууда, айдоодо жана жарышканда колдонулат. *Бешим оогондон кийин алар Чамындынын сайына жетип, атынын башын кайырды да чү деди* (Каимов).

**ЧҮ ДЕГЕНДЕ ЭЛЕ** А дегенде, жөнөрү менен, жөнөгөндө эле, башталганда эле, башталган жерде. *Ал чү дегенде эле булардын канча бала көргөнүн сурап ийбеспи* (Өмүрбаев). *Чү дегенде эле аттардын омуроосун суу жаба берип жатты* (Бейшеналиев). *Дүр мырза чү дегенде эле катуу кармайын дедиби, калкына аламан салды* (Бейшеналиев). **В.: Чү деген жерден.** *Чү деген жерден эле жаштар маселесин айталы. Чү деген жерден чыныгы ишке киришиш керек деп жарыя салды* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧҮ КОЮУ** Чаап жөнөө, катуу жүрүп кетүү.

*Букарды көздөй чу коюп, Ат аябай мол жүрүп* («Семетей»). *Алтын шакек таңдайынан ыргып кетип, аны кемпир илип ала чу коюп качып жөнөйт* (Абакиров). *Чу койгондо бөлүнүп, Тулпарлык сыны көрүнүп* («Эр Төштүк»).

**ЧҮЙГҮН** 1. Семиз, майлуу. *Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта* (макал). 2. Ширелүү, даамдуу. *Чөбү чүйгүн, суу тунук, Чөлдө жаткан кутуруп* («Манас»).

**ЧҮЙГҮНДӨ** Майлуу, даамдуу, ширелүү кылып берүү, жасоо ж.б. *Этти чүйгүндөп берүү. Чүйгүндөп казан асуу.*

**ЧҮЙГҮНДӨӨ чүйгүндө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЙГҮНДӨТ чүйгүндө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮЙЛҮ I** Куштун эркеги. *Кыюусун билип таптаса, Кыраан чүйлү каз алат* (Осмонкул).

**ЧҮЙЛҮ II** Семиргенде кежигеде, желкеде пайда болуучу күржүйгөн бүктөө, бүктөлүп турган жер. *Кудайназардын богогу менен чүйлүсү катталып турат* (Жантөшев). *Салыктын чүйлүсү кат-кат болуп бүктөлүп турат* (Каимов).

**ЧҮЙРҮЙ** 1. Жактырбаган, нааразы болгон кебетеде мурдун чүрүштүрүү, бети-башын бырыштыруу. *Үйүңө куру кол барсаң, аялың чүйрүйүп карабай да, жактырбай да калат* («Чалкан»). 2. Уч жагы жогору көтөрүлүп, кайрылып калуу (көбүнчө өтүктүн тумшугуна карата). *Өтүгүнүн тумшугу чүйрүйүп кетиптир.*

**ЧҮЙРҮЙТ чүйрүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮЙРҮЙҮҮ чүйрүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЙРҮҢ: чүйрүң-чүйрүң этүү** Жактырбаган түр берип, мурдун, бети-башын чүрүштүрүү.

**ЧҮЙРҮҢДӨ** Мурдун, бети-башын чүрүштүрүп, жактырбаган, нааразы болгон кебетеде болуу. *Кара келин араба жакты карап чүйрүңдөп койду* (Сыдыкбеков).

**ЧҮЙРҮҢДӨӨ чүйрүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЙРҮҢДӨТ чүйрүңдө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЙРҮТ** *диал.* Төөгө карата эликтөө маанисинде айтылган сырдык сөз.

**ЧҮЙРҮТТӨ** Тоотпоо, барк албоо, барктабоо. *Үйүңө куру кол барсаң, аялың чүйрүттөп, карабай да, жактырбай да калат.*

**ЧҮЙТҮЙ** Илмийип, чүңүрөйүп алсыз көрүнүү. *Чүйтүйгөн бечарага адамдын боору ачыйт* («Ала-Тоо»).

**ЧҮЙТҮЙТ чүйтүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮЙТҮЙҮҮ чүйтүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЙТҮК** Илмийген, чүтүрөйгөн (адамга карата айтылат).

**ЧҮЙҮР** Жактырбаган кебетеде мурдун чүрүштүрүү, чүйрүйүү. *Черновдун аялы мурдун чүйүргөн болуп, терс карай берди* (Жантөшев).

**ЧҮКӨ** Шыйрак менен жото жиликтин кошулган жериндеги үстү жагы төмпөгүрөөк келген төрт кырча, өзүнчө бөлүнүп алына турган сөөк (көбүнчө балдар ойной турган майда жандыктардын ушундай сөөгү). *Чынарбай жолдошу менен чүкө талаша кетти* («Жомоктор»). *Ха!.. Ха!.. Ха!.. Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун* (Турусбеков).

**ЧҮКӨДӨЙ** Кичинекей, тырмактай. *Чүкөбай өзү да чүкөдөй, башы да чүкөдөй болгон киши эле.*

**ЧҮКӨСҮ АЙКҮР ТУРУУ** Иши оңунан чыгуу, иши оңолуу, ондой берди болуу. *Бул өкчөгөн эле чүкөсү айкүр туруп, ити ити чөп жеп аткандар кимдин жек-жааты дейсиң?..* («Чалкан»). **В.: Чүкөсү алчы конуу.** *Из чалган Ырайбектин чүкөсү алчы конду* (Осмоналиев).

**ЧҮКҮРТТӨӨ** Камчы, чакча, кепкек өңдүүлөрдүн булгаары чачыктарын күмүш, жез, мис, калай өңдүү жумшак металлдар аркылуу шакекче кылып шөкөттөө.

**ЧҮКҮРҮ** Жайылып чыккан жазы жалбырактуу, түбү боёк катарында тери боёо үчүн колдонулуучу өсүмдүк. *Булгары кылган кишиге, Чүкүрү менен шор кызык* (Осмонкул).

**ЧҮКЧҮГҮЙ** Чүкчүйгөн, чүйтүйгөн, кичинекей көрүнүштө болгон.

**ЧҮКЧҮЙ** Өтө эле кичинекей, чакан кебетедеги көрүнүш. *Уйчу Омор сейрек сакалдуу, чүкчүйгөн кичине чал эле* (Байтемиров). *Асан карыя чүкчүйүп, жыйрыла түшкөн Токтогулду эркелетип койду* (Токомбаев). *Эшигинин алдында чүкчүйгөн чөп үймөгү бар* («Ала-Тоо»).

**ЧҮКЧҮЙТ чүкчүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮКЧҮЙҮҮ чүкчүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЛҮ** Мөмө жемиштерден жана алардын кактарынан сууда кайнатылып даярдалган суусундук.

**ЧҮЛҮК** Уйдун мурдуна тагылган, аттын ооздугундай кызмат аткаруучу шакекче. *Чүлүктү «чү!» – деп, теминип, Чүйрүйгөн чарык бутунда.*

**ЧҮЛҮК ҮЗӨҢГҮ** Жыгачтан ийилип жасалган үзөңгү. *Сызмага таккан чүлүк үзөңгү* (Токомбаев).

**ЧҮЛҮКТӨ** 1. Мурдуна чүлүк өткөзүү, чүлүк тагуу. *Жөө жүрө аламбы – деп, көк токолду чүлүктөп минип алдым* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Баш ийдирип алуу, кыңк этпей баш ийүүгө мажбурлап көндүрүп алуу. *Аны аялы небак эле чүлүктөп алган* («Чалкан»).

**ЧҮЛҮКТӨӨ чүлүктө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЛҮКТӨТ чүлүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮМБӨТ** Кийиз, таардан убактылуу жасала салган баш калкалагыч. *Кыздын үстүнө чүмбөт жаап коюңуз* («Жомоктор»).

**ЧҮМБӨТТӨ** 1. Чүмкөй жабуу. *Машинанын үстү боз таар менен чүмбөттөп коюлгандыктан, анын ичиндегилер кимдер экендигине Абаздын көзү жеткен жок* (Таштемиров) 2. *өт.* Кандайдыр бир нерсе каптап калуу. 3. Жаап-жашыруу.

**ЧҮМБӨТТӨЛ чүмбөттө** этишинин туюк мамилеси.

**ЧҮМБӨТТӨН чүмбөттө** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧҮМБӨТТӨӨ чүмбөттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮМБӨТТҮҮ** Чүмбөтү бар, чүмбөт жамынган. *Чүмбөттүү аял.*

**ЧҮМКӨ** 1. Башы менен кошо бүт денени жабуу. *Камка тонун Каныштын Башына чүмкөй жамынды* (Жантөшев). 2. *өт.* Каптоо. *Булуттар заматтын ортосунда көбөйүп, асманды бүтүндөй чүмкөй баштады* (Байтемиров).

**ЧҮМКӨЛ чүмкө** этишинин туюк мамилеси.

**ЧҮМКӨМӨ** Чүмкөп коюлган, үстү чүмкөлгөн. *Чүмкөмө араба. Чүмкөмө машина.*

**ЧҮМКӨН чүмкө** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧҮМКӨӨ чүмкө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮМКӨТ чүмкө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮМКҮ чумку** менен бирдей.

**ЧҮМКҮТ чүмкү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮМӨК I** *диал.* 1. Кийим тигүүчү кол машинанын тетиги. 2. Чорго. *Самоордун чүмөгү. 3.* Илгерки милтелүү мылтыктардын түтүгүндөгү дары салгыч оюгу.

**ЧҮМӨК I**

**ЧҮМӨК II** Кичине балдардын ботинканын формасында жылуу жиптен тыкыс токулган же жумшак булгаарыдан тигилген бут кийими.

**ЧҮМҮ чуму** менен бирдей.

**ЧҮМЧҮЛӨ** Бир нерсени аз-аздан алуу, берүү, кичинеден керектөө, сарптоо. *Чүмчүлөп оокат кыла турган болсо, бул эгин кыштан чыгарат* (Абдукаримов). *Ар кимибиз алдыбызга коюлган үстүкандан чүмчүлөп анча-мынча жемиш болдук* (Абдукаримов).

**ЧҮМЧҮЛӨӨ чүмчүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮМЧҮЛӨТ чүмчүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮМЧҮНДӨ чүмчүлө** менен бирдей.

**ЧҮНЧҮ I: чүнчү басты** Көбүнчө аялдар боюнда бар мезгилдин экинчи жарымында жамбаштын ашташынан кичине жери ооруп, баса албай калуу, аксап басуу. *Келинди чүнчү баскан окшойт, жамбашын сүйрөп араң басып жүрөт, – деди кайненеси* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧҮНЧҮ II** Жабыркоо, жүдөө, басырынуу. *Гүлайым, сен мынча чүнчүп баратасың балам, табың жокпу? – деп сурады энеси* (Абдукаримов). *Залкар романдарды окуган сайын үшкүрүнүп-бышкырынып, эки-үч күнгө чүнчүп калчусуң* (Стамов).

**ЧҮНЧҮТ чүнчү** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮНЧҮҮ чүнчү** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮҢКҮ** *диал.* Жүдөө тартуу.

**ЧҮҢКҮЙ** Көбүнчө кабагы бийигирээк келип, көзү чүңүрөйгөн көрүнүштө болуу. *Майрык чүңкүйгөн көздөрүн акыраңдатып, балдарга карады* (Бейшеналиев).

**ЧҮҢКҮЙТ чүңкүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮҢКҮЙҮҮ чүңкүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮҢКҮЛ** Чүңүрөйүп ичине кирген (мис. көз) *Чап жаак, шиш мурун, чүңкүл көз Камчыбектин кийгени атасынын эски күрмөсү* («Ала-Тоо»).

**ЧҮҢҮР** Ары кирип турган, чүңүрөйгөн (көбүнчө көзгө карата). *Даутахун Алым менен Лиге курбалдаш, бою нооча, көзү чүңүр* (Жантөшев).

**ЧҮҢҮРӨЙ** Көзү ары кирип көрүнүү, көзү чанагына карай батыңкы көрүнүштө болуу. *Эки жаагы сорулуп, көздөрү чүңүрөйүп, ээрди кеберсип кургап турат* (Элебаев).

**ЧҮҢҮРӨЙТ чүңүрөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮҢҮРӨЙҮҮ чүңүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮПҮРӨК** Эндей кездеменин бир кесиндиси, өөнү, кичинекей бөлүгү. *Баарынын баштарында ак чүпүрөк* (Токомбаев). *Чүпүрөккө бекем оролсо да, алты айдан бери чөнтөктө жүрүп каттын бүктөөлөрү жыртылган* (Жантөшев).

**ЧҮРГӨ** 1. Андан-мындан кылып бүтүрө салуу, арыдан-бери бүтүрө коюу, кураштыра салуу, эптей салуу. 2. *диал.* Жаза салуу. 3. Ороо. *Баланы чүргөп ал.*

**ЧҮРГӨТ чүргө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮРГӨШ чүргө** этишинин кош мамилеси.

**ЧҮРӨК I** 1. Өрдөктүн бир түрү. *Боз кыштан суу куш аз келди, Өрдөк, чүрөк, каз келди* (Тоголок Молдо). 2. Өрдөктүн ургаачысы. *Өрдөктөр үчөө: бири – соно, бири – чүрөк, үчүнчүсү – темир канат балапан* (Жантөшев).

**ЧҮРӨК II** Сулуу, абдан чырайлуу. *Асылбектин колуктусу чынында да чүрөктөй сулуу перизат экен* («Агым»).

**ЧҮРПӨ** 1. Бала, ымыркай бала. – *Эмне болду, чүрпөм? – деп, Жыпар жүгүрүп келип кызын көтөрүп алды* (Шимеев).

**ЧҮРПӨЛҮҮ** Балалуу. *Ырыс менен Бактыттын чүрпөлүү болушканын куттуктап теңтуштары келишти.*

**ЧҮРТҮГҮЙ** Чүрүшкөн, кичинекей беттүү.

**ЧҮРҮШ I** Курушкан кичинекей, курушуп катып калган. *Урия чүрүш маңдайын чытып, чекир көзүн жүлжүйттү* (Байтемиров). *Чүрүш буудай.*

**ЧҮРҮШ II** Курушуу, тырышуу, курушуп кургап калуу, курушуп катып калуу. *Бакдарактын жалбырактары күндөн-күнгө чүрүшүп, көктөйүндө эле куурай баштады* (Абдукаримов). *Көөгө боёлгон шапкесин чөгөрө кийген бирөө чүрүшкөн картошкаларга туз сээп жеп олтурат* (Сасыкбаев).

**ЧҮРҮШТҮР чүрүш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮРЧҮТ** 1. Тунгус-манжур тукумунан чыккан эл. 2. *өт.* Дини башка. Тили башка. *Эми ушул чүрчүттүкүн жыйып бербесек, өзүбүздүкүн кыла албайбыз* (Абдыраманов). *Насирдин чүрчүт жарымпашага сүйөнүп, миңбашыга каяша көрсөтө баштады* (Касымбеков).

**ЧҮТКӨР** Жайра.

**ЧҮТҮРӨЙ** Кичинекей, арык, чүйчүйгөн кебетеде болуу. *Бул бадачы, Чүтүрөйгөн сары чал Кудуңдады, кармалады колумду* (Токомбаев).

**ЧҮТҮРӨЙТ чүтүрөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮТҮРӨЙҮҮ чүтүрөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮТҮРӨКӨЙ** Чап жаак, арык беттүү келген көрүнүштө. *Чүтүрөкөй кемпир.*

**ЧҮЧ: ак чүч** 1. Чүчкүргөн кишиге соо бол, саламат бол деген мааниде колдонулат. *Ысак катуу чүчкүрүп жиберди эле, – Ак чүч! деген үн чыкты* (Абдукаримов). 2. *өт.* Ак кол, эч нерсеге колу тийбеген, иштебеген.

**ЧҮЧКҮР** Мурун дүүлүккөндө катуу дабыш менен абаны эрксизден бүркө сыртка чыгаруу. *Карып токтоно албай удаасы менен эки жолу катуу чүчкүрүп жиберди* (Абдукаримов).

**ЧҮЧКҮРТ чүчкүр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮЧКҮРҮК** Чүчкүрүп жибергендик.

**ЧҮЧКҮРҮҮ чүчкүр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЧӨК** 1. Адамдын жоон ичегисиндеги мите курт. 2. Ушундай курттун пайда болуусунан жабыркаган адамдын абалы.

**ЧҮЧПАРА** Камырга эт түйүп, сууга бышырылган тамак түрү.

**ЧҮЧТӨ чүштө** менен бирдей. *Доолан, чүчтө, дүрүйө* («Манас» С.О.). *Аппак этти чүчтөдөй* («Манас» С.О.).

**ЧҮЧҮ КУЛАК КАЛУУ** Же ары жакта же бери жакта эмес, орто жерде түгөйсүз жалгыз калуу, белгисиз абалда калуу (көбүнчө балдардын ар кандай ойнуна карата). *Бул эки район бири-бирине шылтап, мектеп чүчү кулак калды* («Мугалимдер газетасы»). **В.: Чүчү кулак болуу.** *Силер чүчү кулак болдуңар, – деп балдар каткырышты.*

**ЧҮЧҮЛӨ** Чүчүү-чүчүү деп чакыруу.

**ЧҮЧҮЛӨӨ чүчүлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧҮЧҮЛӨТ чүчүлө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧҮЧҮҮ: чүчүү-чүчүү** Улакты чакырууда колдонулат.

**ЧҮШТӨ I** 1. Жука ак материал. *Эр башына кылгамын, Ондон көйнөк, он дамбал. Ак чүштө көйнөк, суп дамбал, Казатка кийсе, куп дамбал* («Манас»). 2. *өт.* Аппак. *Көөнү сүртүп аппакка, Чүштө дедиң караны* (Токомбаев).

**ЧҮШТӨ II** Кесилген камырды майга кууруп ага бал, мейиз, данек кошулуп даярдалган таттуу түрү.

**ЧҮШТӨДӨЙ** Аппак, актын агы. *Чүштөдөй ак.*

**ЧЫБАШ** Жүнгө, чачка майланышып токтоп калган кир. *Үйдүн ичи... койдун чыбашы... жыттанат* (Токомбаев).

**ЧЫБАШТУУ** Чыбашы көп, чыбаштанган. *Чыбаштуу чач.*

**ЧЫБЫ** 1. Балапан. 2. Кыргыйдын эркеги. *Чыбы кыргый.* 3. Чаарчык.

**ЧЫБЫЙ чыбы** менен бирдей.

**ЧЫБЫК** Жалбырагы жок, солкулдак ичке бутак, чырпык. *Көк чыбык кыркып ат кылып, Көпөлөк издеп жөнөсөм* (Токомбаев). *Курч балта менен кыя кескен четиндин ичке, узун чыбыгы азыр Динардын колунда турат* (Сыдыкбеков).

**ЧЫБЫК КЫРКААР** Бийлик жүргүзүп, бүтүм, чечим чыгаруучулар деген мааниде. *Чыбык кыркаарлар эмне айтса баш ийкеп, кулак кагып муюган шекилдүү* (Осмоналиев). *Аты чыккан чыбык кыркаарларды, бийлик күчү менен пара алуучуларды, малчыжалчы күткөн байларды тооруйт* (Осмоналиев).

**ЧЫБЫК КЫРКУУ чыбык кыюу** менен бирдей. *Чыбык кыркып, кеп кылып, Адам качкыс шерт кылып* (фольк.).

**ЧЫБЫК КЫЮУ** Убада беришүүдө колдонулуп келген антташуунун бир түрү, шерттешкендер: «убададан жансак ушул көк чыбыктай кыйылып калалы» – дешип, өсүп турган тал чыбыкты ортосунан кыйышат. *Кап ортодон чыбыкты, Кыйып жүргөн дагы бар* («Манас» С.О.). *Кыркылып кеткен чыбыгы, Кылынып берген ырымы* («Семетей» С.К.).

**ЧЫБЫКТАЙ** 1. **тал чыбыктай** менен бирдей. 2. Жаш, солкулдак (жаштарга карата айтылат). *Кубаттын келинчеги тал чыбыктай ийилген жаш келин* (Каимов).

**ЧЫБЫКТОО** Чийдин баш-аягын кара жип менен ийректеп ороо.

**ЧЫБЫР** Майда-майда коктусу бар уңкул-чуңкул жер. *Чыбырын түлкү жойлогон, Чычканын терип тойлогон* («Эр Табылды»). *Майда чыбыр адырын, Малчылар билет кадырын* (Убукеев).

**ЧЫБЫР ЧААР** *же* **ЧЫБЫР АЛА** Майда чаар, чыбырчыктуу. *Чыбыр чаар кекилик, Чыгарың ташка секирип* (Үмөталиев).

**ЧЫБЫРА** Жыбырап эң майда, көп болуп көрүнүү.

**ЧЫБЫРАКАЙ** Майда сайма, чыбыр капталган, чыбырдуу.

**ЧЫБЫРАТ чыбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫБЫРДУУ** Уңкул-дуңкулдуу, чыбыр жерлери бар.

**ЧЫБЫРОО чыбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫБЫРТКА чыбыртк**ы менен бирдей.

**ЧЫБЫРТКЫ** Өрүлүп жасалган ичке камчы. *Кенже Алтынайга күмүш зым оролуп жасалган чыбырткы камчысын да берди. Колундагы чыбырткы камчы менен жерди чаап-чаап алды* (Чалкан»).

**ЧЫБЫРЧЫК** 1. Чыбыр-ала көрүнүш, чыбыралакей. *Кынап тигилген чыбырчык гүлдүү көйнөгү өзүнө куп жарашып турат* («Кыргызстан аялдары»). 2. Майда-майда чыбыр ала болуп чыгып турган көбүкчө. *Кайсы бир чуңкур жерге келгенде үстүнө чыбырчык көбүк пайда болуп, сууну корулдатып тарта баштайт* (Таштемиров). 3. Жыбыраган майда толкун.

**ЧЫБЫРЧЫКТА** 1. Майда-майда чыбырчык болуп чыгуу. *Күлжандын маңдайынан чыбырчыктаган майда тери акактай тунук көрүнөт* (Байтемиров). *Чыныны чырт-чырт чертип, үстү чыбырчыктап, шырылдап кайнап турган кымызды көрүп, Абазооз тийбестен эле ачырканганcыды* (Таштемиров). 2. Жыбыраган майда толкун пайда болуу, жыбыраган көрүнүштө болуу. *Көлдүн бети чыбырчыктап, болор-болбос толкун бар* (Сыдыкбеков). *Таранчынын канаттары чыбырчыктап көз адаштырат* (Сыдыкбеков).

**ЧЫБЫРЧЫКТАТ чыбырчыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫБЫРЧЫКТОО чыбырчыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫГААН** Атанган, атагы чыккан, абдан мыкты, таанымал, белгилүү. *Топ балдардын чыгааны, Толгон уулдун сырттаны* («Эр Төштүк»). *Кандай Бакыт, кандай Кадыр биз билсек, Чыгаан Уулу чыккан үчүн Кыргыздан* (Акматалиев).

**ЧЫГАР 1. чык** этишинин аркылуу мамилеси 2. Кандайдыр бир нерсени ич жактан сыртка алып чыгуу же төмөнтөн жогору көтөрүп коюу, алып коюу, бир нерсенин ичинен алып чыгуу. *Тышка казып чыгарса, Кендин чери жазылат* (Токтогул). *Терең ордон чыгарсаң, Кантип макул дебесмин* (Турусбеков). *Чаргын унчукпай жанындагы баштыгын чыгарып столго койду* (Сыдыкбеков). 3. Кандайдыр бир чыгарма жаратуу, чыгармачылык менен ойлоп табуу. *Ыр чыгарды. Обон чыгарды.* 4. Илинген, бекилген нерсени бошотуу, ачуу. *Бала барып каалганын илгичин чыгарды* (Убукеев). 5. Маселе, мисал иштеп чыгуу, натыйжасын, чечилишин табуу. *Окуучу 38-маселени чыгарды. Беш мисал чыгарды.*

**ЧЫГАР-ЧЫКПАС** Жетер-жетпес, толор-толбос, чамалуу. *Эркиндин алдында эки чейрекке чыгар-чыкпас буудай төгүлүп жатат* (Жантөшев). *Жүзгө чыгар чыкпас кой.*

**ЧЫГАРМА** Илимий, көркөм-адабий, саясий же музыкалык эмгек, ойлоп чыгарылган, ойлоп табылган чыгармачылык иш.

**ЧЫГАРМАЧЫЛЫК** Адамдын маданий, руханий жана материалдык байлыктарды түзүүгө багытталган иши.

**ЧЫГАРТ чыгар** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫГАРУУ чыгар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫГАРЫЛ чыгар** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫГАША** Чыгым, жумшалган каражат, өлүм-житим (малга карата). *Жалаң гана дары-дармек өсүмдүгү боюнча колхоз 1328 сом чыгаша кылды* («Чалкан»). *Чабан Өмүралиев Зарлык 650 ириктин бир да башын чыгашага учуратпай, багып келди.*

**ЧЫГАШАЛУУ** Чыгымдуу, өлүм-житимдүү (малга карата), чыгашасы көп (кирешелүүнүн карама-каршысы).

**ЧЫГДАН** Боз үйдө тамак-аш, идиш-аяк коюлган жакты калкалап, тосуп коюу үчүн, чийден коодоп, чырмап жасалган калканч. *Кадырбай сыңар тизелеп төрдүн чыгдан тарабында отурду* (Жантөшев). *Койлубай кымызды шимирип жиберип, чыгдандын ичине кирди* («Жомоктор»). *Актан ата чырмалган чий чыгдандын жанындагы мата дасторконду сыйрып алды* (Бейшеналиев).

**ЧЫГУУ чык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫГЫМ I** 1. Жумшалган каражат. *Тойго колхозубуздун бир тыйыны да чыгым болгон жок* (Убукеев). *Пара берген чыгымын, Ар түтүнгө салчу эле* (Токомбаев). 2. Чыгаша, өлүм-житим (көбүнчө малга карата). *Аман туур жатыр го, Чыгым болбой бир козу* (Осмонкул).

**ЧЫГЫМ II** Эгиндин, өсүмдүктөрдүн өнүп чыгышы, өнүмү. *Эгиндин чыгымы жазында көп элдикинен жакшы болучу* (Жантөшев).

**ЧЫГЫМДА** Каражат жумшоо, чыгым кылуу.

**ЧЫГЫМДАЛ чыгымда** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫГЫМДАН** **чыгымда** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫГЫМДАР** Чыгымдуу, көп каражат жумшап чыгымдуу болуп калган.

**ЧЫГЫМДАТ** **чыгымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫГЫМДОО** **чыгымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫГЫМДУУ** 1. Каражат көбүрөөк жумшалган, чыгашасы көп, чыгымы көп. 2. Чыгашалуу, өлүм-житимдүү (көбүнчө малга карата). *Тоютту мол камдаса, мал чыгымдуу болбойт.*

**ЧЫГЫМДУУЛУК** 1. Чыгымы көптүк, чыгашалуулук. 2. **өсүмдүүлүк, өнүмдүүлүк** менен бирдей.

**ЧЫГЫН** Өз учурунда иштей коюуга кам көрүү, аракет кылуу. *Кийим-кече алуу үчүн шаардын өзүнө эле бир жолу чыгынган пайдалуу* (Каимов). *Иш жок го деймин, жан иним, Чыгынса колдон келбеген* (Маликов). *Каттасам да түштүгүмө канча ирет, Кара-Алманы бир көрбөптүрмүн чыгынып* (Ибраев).

**ЧЫГЫНТ** **чыгын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫГЫНУУ** **чыгын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫГЫР** *диал.* Кымыз кошулган сорпо.

**ЧЫГЫРЫК** 1. Тегерек форма, ийилген, дөңгөлөк сыяктуу. *Чыгырык жип. Чыгырык мүйүз, куйруктуу кара койду жетелеп келди.* 2. *диал.* Кендир, жүн аркан ийре турган курал. *Кичинемде далай жолу чыгырык тарттым го.* 3. Чарык жип түрүлүүчү жыгач дөңгөлөкчө. 4. Жаңы басып келе жаткан балдарды басууга машыктыруу үчүн колдонулуучу курал. 5. *тех.* Жип, сым, жынжыр аркылуу жүктү же башка нерселерди көтөрүү үчүн ылайыкталып жасалган, өз огунда айлануучу кобулдуу дөңгөлөкчө. *Темир аркандагы чыгырыктар зуулдай баштады* (Сасыкбаев). 6. Тегерек формадагы оюнчуктар.

**ЧЫГЫШ I** Күн чыккан тарап, батыштын карама-каршысы. *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Акбар чыгышка бурулду эле, көтөрүлүп келаткан күндүн нуруна көзү урунду* (Убукеев). *Сизди издейбиз асмандагы Жылдыздан, Күткөнүбүз Күн сыяктуу Чыгыштан* (Акматалиев).

**ЧЫГЫШ II** Өз ара, ич ара келишип алуу, макулдашып алуу; иши, аракети менен жагып, ишенимге жетишүү. *[Айсалкын] абысын-ажындары менен чыгышып алып, алардын баарын колуна алган* (Каимов).

**ЧЫГЫШТЫК КЫЛУУ** Астыртан, тымызын келишип алып душмандык, кастык кылуу. *Аларга чыгыштык кылып кетти.*

**ЧЫГЫШУУ** **чыгыш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫДА** Бир нерсеге туруштук берүү, туруктуулук кылуу, чыдамдуулук көрсөтүү, жалакайланбоо.

**ЧЫДАМ** Чыдамкайлык, туруштук берүүчүлүк, байым, байымдуулук. *Анча-мынча жараатка Чыдамы жок жан бекен* («Эр Табылды»). *Алымдын келишин күтө берип чыдамы кетти* (Жантөшев).

**ЧЫДАМДУУ** Чыдамкай, туруктуу, көтөрүмдүү, бекем, байымдуу. *Топоздор суукка өтө чыдамдуу келет* (Абдукаримов).

**ЧЫДАМДУУЛУК** Чыдамкайлык; көтөрүмдүүлүк, кайраттуулук, байымдуулук.

**ЧЫДАМКАЙ** Ар кандай кыйынчылыктарга чыдай алган, чыдамдуу, көтөрүмдүү, бекем, байымдуу. *Канчалык чыдамкай болсоң, ошончолук береке табасың* (Жантөшев).

**ЧЫДАМКАЙЛЫК** Чыдамдуулук. *Сурмаш Каныбектин чыдамкайлыгына таңданды* (Жантөшев).

**ЧЫДАМСЫЗ** 1. Туруштук бере албаган, көтөрүмү жок, жалакай, чыдамдуу эмес. 2. Сабырсыз, шашма; сабырсызданып, шашкаландаган. *Ал келбейт, кабар чыкпайт, Чыдамсыз карай бердим маңдай жакты* (Абдыраманов). *Каныбек чыдамсыз ары-бери басып турду* (Жантөшев).

**ЧЫДАМСЫЗДАН** Сабырсызданып шаша баштоо, тынчы кетип шашкалактоо. *Жылдызкан окуянын аягын билүүгө чыдамсызданып суроо берди* (Байтемиров).

**ЧЫДАМСЫЗДАНТ** **чыдамсыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫДАМСЫЗДАНУУ** **чыдамсыздан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫДАМСЫЗДЫК** Чыдамы жоктук, чыдай албагандык, сабырсыздык, шашмалык. *Карыптын жүрөгү туйлап, кимдир бирөөнү чыдамсыздык менен күткөнсүйт* (Абдукаримов).

**ЧЫДАТ** **чыда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫДОО** **чыда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЖЫЛДА** Сызгырганда, кайнатканда быжылдап дабыш чыгуу.

**ЧЫЖЫЛДАТ** **чыжылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЖЫЛДОО** **чыжылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙ, ЧЫЙ-ЧУЙ** Кандайдыр бир чыйылдап ичке чыккан үндү, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чычкан чый-чуй этип, каптын көңдөйүнөн үн салат* (Байтемиров).

**ЧЫЙ-ПЫЙ КЫЛУУ** Кичине жеңилирээк бир нерсе жасай кой, бир нерсе кууруй сал деген мааниде. *Булар шашып жатышат, тезирээк чый-пый кыла гой* («Ала-Тоо»).

**ЧЫЙ-ПЫЙЫ ЧЫГУУ** Эмне кылар айласын таппай шашкалактап калуу, шаштысы кетүү, тынчсыздануу, тынчы кетүү. *Батыштын чый-пыйы чыгып, элеңдеп жол жакты*

*карайт* (Байтемиров). *Коридорго чыксам, баягы кишим ары-бери басып чый-пыйы чыгып турган экен* («Кыргызстан маданияты»). *Кайгуулдар уурданып созолонгон караанды чалдыктыра албай чый-пыйлары чыгып, кур кол кайтабызбы дешип опкоолжушту* (Бейшеналиев). *Кокуй, баары сууга түшөт окшойт, – деп чый-пыйым чыкты* (Жигитов). **В.: Чый-мыйы чыгуу.** *Тихонов тапшырылган иш орундалганча чый-мыйы чыгып тынч албай турган* (Жантөшев).

**ЧЫЙБЫЛ** Кичинекей жана ичке (кишиге карата). *Чыйбыл киши. Чыйбыл кыз.*

**ЧЫЙБЫТ** Эчкинин чүкөсү, эчкинин кичинекей чүкөсү.

**ЧЫЙБЫТТАЙ** Тыптырмактай, кичинекей.

**ЧЫЙК, ЧЫЙК-ЧЫЙК** Темирдин, жыгачтын ж.б. катуу нерселердин өйкөлүшүнөн, жешилүүсүнөн келип чыккан, кыйчылдаган дабышты же ошондой абдан ичке дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Эшик чыйк деп ачылганда жүрөгү болк дей түштү.*

**ЧЫЙКАН** Дененин ар кайсы жерине түптөнүп, кызарып катуу болуп, ириндеп чыгуучу жара, шишик. *Чыйкандан жаман оору жок, аны сурар киши жок* (макал).

**ЧЫЙКАНДАЙ** *к.* **чыйкандай кызыл.**

**ЧЫЙКАНДАЙ КЫЗЫЛ** Өтө кызыл, кыпкызыл. *Кыздын эки бети чыйкандай кызыл. Качыке бул сөздөрдү өзү айтып, бул ишти өзү иштеп тургансып чыйкандай кызыл болуп кетти* (Сыдыкбеков). *Чыйкандай кызыл көйнөк. Чыйкандай кызыл алма.*

**ЧЫЙКЫЛДА** Чыйк-чыйк эткен дабыш чыгаруу. *Суурдун чыйкылдаган үнү гана чыгып калды* (Баялинов).

**ЧЫЙКЫЛДАК** Чыйк-чыйк эте берме, чыйкылдап турма.

**ЧЫЙКЫЛДАТ чыйкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙКЫЛДОО чыйкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙМЫЛ чыйбыт** менен бирдей.

**ЧЫЙМЫТ чыйбыт** менен бирдей.

**ЧЫЙП: чыйп-чыйп** Балапандардын, жөжөлөрдүн же чымчыктардын чыгарган үнүн билдирүү үчүн колдонулат. *Тооктун жөжөлөрү чыйп-чыйп этип, энесинин артынан чуркады* (Каимов).

**ЧЫЙПЫЛДА** Чыйп-чыйп эткен үн чыгаруу. *Аңыз арасында бирин-серин чыйпылдаган чымчыктан башка азыр эчтеме калганы жок* (Убукеев).

**ЧЫЙПЫЛДАК I** Чымчыктын бир түрү. *Чыйпылдак деген боз чымчык, Чогуу угуп барганы* («Эр Табылды»).

**ЧЫЙПЫЛДАК II** *диал.* Өсүмдүктүн аты.

**ЧЫЙПЫЛДАТ чыйпылда** этишинин акылуу мамилеси.

**ЧЫЙПЫЛДОО чыйпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙПЫЛЫКТА** Чыдамы кетип тынчсыздануу.

**ЧЫЙРАК** 1. Чыдамдуу, бышык, бекем. *Чыйрак жип.* 2. Тыкан, тың, кайсы бир иш боюнча өзүнө ишенимдүү. *Атка чыйрак бала. Сөзгө жок болгон менен ишке чыйрак бала экен.*

**ЧЫЙРАКТЫК** Тыңдык, тыкандык, бышыктык. *Чыйрактыктын белгиси – Жети жаштан ат чаптым* (Калык).

**ЧЫЙРАЛ** 1. Бошоң болбостон чыйрак, бекемделген абалга келүү, бекемирээк эшилүү, толгонуу (көбүнчө аркан, жипке карата). 2. Кайраттануу, кайратына келип күч-кубатын жыйноо, чымыркануу. *Батыштын шалпайган денеси чыйралып, анын жанында бир чоң күч тургансыды* (Байтемиров). *Чыйралдым, чындап бел буудум, Алыс сапар жол бастым* (Үмөталиев). 3. Тырчуу, тырчый түшүү, ачуусу келе түшүү. *Ачеке карыя Акбардын жемелүү сөзүнө чыйрала түштү* (Убукеев).

**ЧЫЙРАЛТ чыйрал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙРАЛУУ чыйрал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙРАТ** Чың кылып эшүү, толгой ийрүү. *Бүгүн Каныш эпкиндүү кыз, Колдон жибек чыйраткан* (Бөкөнбаев). *Абийир кара мурутун чыйратып, ууртунан жылмайып койду* (Таштемиров). *Сезилди мага бир кетчүүдөй, Чыйраткан жибиң чарт үзүлүп* (Ибраев).

**ЧЫЙРАТМА** Эшилген, чыйратылган, ийрилген. *Көкөнүн колунда бир түрмөк чыйратма жип бар болучу* (Касымбеков).

**ЧЫЙРАТТЫР чыйрат** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙРАТУУ чыйрат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙРЫГУУ чыйрык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙРЫК I** Толгоо, эшим (мис. жиптин толгоосу, эшилгени). *Жиптин чыйрыгы жанды.*

**ЧЫЙРЫК II** 1. Суукка бир аз үшүй түшүү, денени анча-мынча жеңил калтырак басуу. *Базарбектин денеси чыйрыгат, ээги шакылдайт* (Каимов). *Жаандын салкыны тийген сайын чыйрыгып, этим түктүйө баштады* (Байтемиров). *Чыйрыга түшкөн Арууке үйүнө кирейин дегенче болбой, тоо тараптагы жылуу булактан каркыра-турналардын үнүн дагы укту* (Стамов). 2. Үшүгөндөгүдөй денени калтырак басуу, кээ бир ооруларда киши өзүн ошондой сезүү.

**ЧЫЙРЫКМА** *диал.* Денени чыйрыктырып калтыратып салган оору.

**ЧЫЙРЫКТЫР чыйрык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙРЫТТА** Бирөөнү жактырбаган мүнөздө болуу, көтөрүлүү. *Сапар мойнун кейкейтип чыйрыттады* (Бейшеналиев).

**ЧЫЙРЫТТОО чыйрытта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙТ: чыйт түкүрүү** Акырын чырт түкүрүү, тиштердин арасы аркылуу түкүрүү. *Асмайды чыйт-чыйт түкүрүп, Ордуңду булгап албагын.*

**ЧЫЙТАГАЙ** Өзүн-өзү жогору баалаган, менменсинген, кекирейген.

**ЧЫЙТАЙ** Өзүн-өзү жогору көрсөтүү; көтөрүлүп кекирейүү. *Кызыл бет сельсоветтин секретары чыйтайып, кош жаздыкты чыканактайт* (Осмонов).

**ЧЫЙТАЙТ чыйтай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙТАЮУ чыйтай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙТЫЙ чыйтай** менен бирдей *Досуң эмне чыйтыйып калган* (Өмүрбаев).

**ЧЫЙТЫЮУ чыйтый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙЫЛДА** Чый-чуй эткен ичке үн чыгаруу. *Караңгы түндө чыккан чыйылдаган үн алардын кулагына шумдуктуу угулду* (Байтемиров).

**ЧЫЙЫЛДАК** 1. Чыйылдаган ичке үндүү, чыйылдаган ичке үнү бар. *Чыйылдак абышка* (Сыдыкбеков). 2. *сүйл.* Чый-чый этип чыккан добуш.

**ЧЫЙЫЛДАТ чыйылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЙЫЛДОО чыйылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЙЫР** Из түшкөн жол, жол болуп түшүп калган из, жалгыз аяк жол, ичке жол. *Чыйыр түшө электе илбесиндер бат табылат* (Каимов). *Дүйшөн алдыга чыгып чыйыр салды* («Ала-Тоо»). *Тоонун өндүрүн көздөй кеткен чыйыр жолго түшүп, бир атчан киши келе жатты* (Сасыкбаев).

**ЧЫЙЫРДАН ЧЫККАН** Түз жолдон чыккан, эреже, тартипти бузган, тартиби начар. *Мындай чыйырдан чыккан эргулду кайдан тапкансың.*

**ЧЫЙЫРДУУ** Чыйыры көп, чыйыр салынган. *Чыйырдуу жол.*

**ЧЫЙЫРЧЫК** Таранчылар түркүмүндөгү көбүнчө чегирткелерди кырып жок кылуучу келгин куш. *Кара чыйырчык. Ала чыйырчык.*

**ЧЫК I** 1. Ным. *Кардын чыгы кетер менен жерди айдоо башталат* (Байтемиров). *Жаздын чыгы менен огородуңду күрөктөп айдап ал* (Байтемиров). 2. Тууратан этке куюу үчүн мурч, пияз салып атайын даярдалган сорподон калпып алынган май. *Айдай эң мурун куйрук менен боорду чыгарып, кыя кести да, туздуу чык аралаштырып, меймандардын алдына койду* (Каимов). *Каныйпа болсо, сатин көйнөгүнүн узун жеңи менен улам бир сүртүп, чыкка пияз тууроо менен алек* (Абдумомунов).

**ЧЫК II: чык-чык** Металлга же катуу нерселерге жеңил урунушунан чыккан кыска дабышты же сааттын жебесинин согуусунан чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Үй тынч. Жарык өчкөн. Саат чык-чык. Терезе бир тарапка кыңыр ачык* (Абдыраманов). *Жумагүлдү фотограф чык эттирип тартып ала койду* (Шимеев).

**ЧЫК III** 1. Үйдөн, белгилүү бир жерден, шаардан ж.б. сыртты көздөй же башка бир жакты карай жөнөө, багыт алуу, жол тартуу, аттануу. *Аскар китебин жаап, дептерлерин жыйнап койду да, сыртка чыкты* (Сыдыкбеков). *Каныбек күн батканда айылдан чыкты* (Жантөшев). 2. Кандайдыр бир нерсенин үстүнө же бийиктикке көтөрүлүү, бөлүнүп көтөрүлүү. *Командир экөөбүз чокунун так найзадай төбөсүнө чыктык* (Жантөшев). *Күн чыкты. Ай чыкты. Трибунага чыкты. Чыгып сүйлөдү.* 3. Үн, добуш ж.б. пайда болуу, угулуу. *Кубулжуп миң сан күү чыгат Курдаштарың ырдашып* (Бөкөнбаев). *Күлкү аралаш тамаша сөздөр чыгат* (Сыдыкбеков). 4. Жарышта же мелдеште башкалардан озуп кетүү. *Аттары күлүк, жигити эр, Жарышса чыккан мелдештен* (Осмонкул). 5. Кез келүү, кездешүү, кездеше түшүү, жолугуу, көрүнүү. *Айнегим чыкса алдымдан, Өбөр бекем дегемин* (Токтогул). *Алдынан чыкса калың жоо, Арстандай чапчып ыргыткан* (Бөкөнбаев). 6. Китеп, газета, чыгарма ж.б. жарык көрүү; кандайдыр бир өндүрүмдүн пайда болуусу. 7. Өсүү, өнүү, көрүнүү, пайда болуу. *Бутагы көк, бири сынса, бири чыгат, Былк этпей, качан көрсөң чынар турат* (Үмөталиев). *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жабырап чыга баштаган* (Сыдыкбеков). 8. Аянттын, кендиктин ж.б. кандайдыр бир жагына, бир четине жетүү, жетип калуу. *Сабырлар бул кезде аянттын башына чыгып калышкан* (Сыдыкбеков). 9. Белгилүү бир убакыттан, мезгилден өтүү. *Кыштан арык чыккан малдар күнгө капталын кактап магдырады* (Убукеев). 10. Белгилүү бир жашка келүү, белгилүү бир жашка же өлчөмгө, ченге жетүү, толуу (жашты, ченемди көрсөткөн сөздөр менен бирге айтылганда). *Акман быйыл элүүгө жаңы чыгамын деп жүргөн кезеги* (Сыдыкбеков). *Мөмөлөр гүлдөп, чөп тушарга чыккан кез* (Бөкөнбаев). *Терген пахтасы 100 килограмм чыкты* 11. Келүү, пайда болуу (мезгилге карата). *Жаз чыкканда кетиш керек* (Байтемиров). 12. Пайда болуу, көрүнүү, табылуу. *Асыл таштан чыгат, акыл баштан чыгат* (макал). 13. Бөлүнүү, башкалардан бөлүнүп, окчундоо, четтөө, белгилүү бир изден, калыптан оолактоо. *Чырт этип четке чыга берет* (Сыдык- беков). *Кара кашка жолдон чыга берди. Күлкү аралаш тамаша сөздөр чыгат* (Жантөшев). 14. Болуу, кандайдыр бир окуя башталуу, болуп калуу. *Согуш чык-*

*ты. Чыр чыкты.* 15. Бошоп калуу. *Кызматтан чыгып калган. Институттан чыгып калган.* 16. Билинүү, белгилүү болуу, байкалып калуу. *Карамырза, сөзүңдүн, Калпы чыкты байкалып* (Токтогул). *Атагы чыккан Зууракан, Азыркы элдин чүрөгү* (Осмонкул). 17. Табылуу, казылып алынуу. *Кен чыкты. Таш көмүр чыгат.* 18. Көбүнчө иштин, кыймыл-аракеттин аякталгандыгын, бүтүшүн, болгондугунун натыйжасын көрсөтүүчү көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Мал көчүрүү маселеси партиялык чогулуштарда иштелип чыкты* (Убукеев). *Айымкан кызына карап: – Зарылжан, бол, дан алып чыга койчу! – деди* (Сыдыкбеков). *Байбиче, сандыгыңдан бир жамбы алып чыкчы* (Турусбеков). 19. Толуу, жетилүү. *Толкуп жаткан Ысык-Көл Көркүнө чыккан турбайбы* (Турусбеков). *Өңүнө чыгып шаңкайып, Эпкиндүү жеңем келаткан* (Турусбеков). 20. Кууттан өтүү. *Уй букадан чыкты. Кой кочкордон чыкты. Эчки текеден чыкты.* 21. «Кет, жогол» деген мааниде колдонулат (көбүнчө итке карата) *«Чык» деди үргөн итке чоочун дабыш* (Токомбаев). *Ит арс эткенде үйдөн Надя чуркап чыгып: – Чык... Сен ким, деди* (Жантөшев).

**ЧЫК ТАТЫРБАС ЧЫНАРБАЙ** Сараң, битир, колунан эч нерсе чыкпаган. *Казанчы бай жомоктогу чыктатырбас Чынарбайдан артык болбосо кем эмес.*

**ЧЫКАНАК** 1. Кар жилик менен күң жиликтин кошулган жериндеги, колду ичин көздөй ийгенде уруюп чыгып турган жери. *Бурма Токтогулду чыканагы менен нукуп... эрдин тиштеп койду* (Токомбаев). *Кыздар бири-бирин чыканакка түрткүлөшүп, шыңгыр күлүп жиберишти* (Бейшеналиев). 2. Кернейдин бурч болуп ийилген, кошулган жери.

**ЧЫКАНАКТА** Чыканагы менен таянуу же чыканакты кандайдыр бир нерсенин үстүнө коюу. *Кулжан столду чыканактап отурат* (Байтемиров). *Жапар төрдө чыканактап, газета окуп жатып, үргүлөй баштаганда,.. ата-энесинин дабышын укту* (Баялинов).

**ЧЫКАНАКТАЙ** Кичинекей, тыпыйган. *Чыканактай чыкчыйган келин Шариптин жанына олтуруп, чай куя баштады* (Бейшеналиев).

**ЧЫКАНАКТАТ** **чыканакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКАНАКТОО** **чыканакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫККЫНЧЫ** Элдин, өз тарабынын кызыкчылыгын сатуучу, өз тарабынан бөлүнүп, душман, кас тарапка өтүп кетүүчү же жашырын сырды, ишти душманга билдирип айтып коюучу киши.

**ЧЫККЫНЧЫЛЫК** Элдин, өз тарабынын кызыкчылыгын сатуучулук, жашырын сырды душманга билдирүүчүлүк.

**ЧЫКТА I** Көбүнчө кулундарды желеге байлоодо нокто менен желени бириктирүүчү, нокто жагындагы учу тээкке илинген кичирээк кыска жип. *Чыкта сулуу болсун деп, Чын жибектен эштирди* («Манас»).

**ЧЫКТА II** Чык куюу, чык кошуу, чык аралаштыруу, нымдоо.

**ЧЫКТА III** Чылым салчу жер. *Чылымынан аларда, Чыктасына саларда* (Дүйшеев).

**ЧЫКТАТ** **чыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКТОО** **чыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКТУУ** 1. Чыгы бар, чыгы көп. 2. Нымдуу; маңыздуу, ширелүү. *Уйлар сууга чыланган чыктуу жемди күтүрөтө кайсоодо* (Бейшеналиев).

**ЧЫКЧЫГЫЙ** Чыкчыйып турган, чыкчырылган.

**ЧЫКЧЫЙ** 1. Тыпыйып кичинекей, тыкан көрүнүштө болуу. *Чыкчыйган келин Шариптин жанына олтуруп, чай куя баштады* (Бейшеналиев). 2. Өзүн-өзү жасап, сылаңкороздонгон, көйрөндөнгөн кебетеде болуу, чыкчырылуу. *Султанаалы чыкчыйып төргө отурду* («Ала-Тоо»).

**ЧЫКЧЫЙТ** **чыкчый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКЧЫҢДА** Көтөрүлгөнсүп же тыкандыгын көрсөтүп тыңсынуу, чыкчырылган кебетеде болуу. *Шарип обу жок чыкчыңдап, тыңдуусынбаган* (Бейшеналиев).

**ЧЫКЧЫҢДАТ** **чыкчыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКЧЫҢДОО** **чыкчыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКЧЫРЫЛ** Өзүн бирөөлөргө караганда жогору санoo, бой көтөрүү, тыңсынуу, чыкчыюу. *Ира чыкчырылып тилдөөгө ниеттенгени менен балдардын талоонуна каларын байкады* (Бейшеналиев).

**ЧЫКЧЫРЫЛТ** **чыкчырыл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКЧЫРЫЛУУ** **чыкчырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКЧЫЮУ** **чыкчый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКЫЙ I** Мандай сөөгү менен желке (кежиге) сөөгүнүн кошулган жери.

**ЧЫКЫЙ II** **чыкчый** менен бирдей.

**ЧЫКЫЙЫНА ТИЙҮҮ** Катуу таасир этүү. *Жылкыдан бошотуу жөнүндөгү сөз чыкыйына тийип, Дөөт жер сабап күүлөндү* (Осмоналиев).

**ЧЫКЫЛДА** 1. Чык-чык эткен дабыш чыгаруу (көбүнчө металлдардан чыккан дабышка карата). *Бир жагынан кол машина чыкылдап,.. иш кызууда* (Сасыкбаев). *Чыкылдаган секунддун Жеңиштүү улам ар*

*жагы* (Токомбаев). *Дубалга илинген сааттын жебеси чыкылдап тынбайт* (Стамов). 2. *өт.* Өтө катуу суук болуп, күчүнө келип туруу. *Чыкылдаган кышкы аяз бети-колду тоңдурат* («Ала-Тоо»). *Аяз күүсүн чалат, чыкыроон чыкылдайт* (Каимов).

**ЧЫКЫЛДАК** Чыкылдаган, ызгаардуу.

**ЧЫКЫЛДАТ чыкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКЫЛДОО чыкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКЫЛЫКТА** Акырын шакылыктоо (көбүнчө сагызганга карата). *Анын үстүндө чыкылыктап, бир сагызган ойноп жүрөт* (Элебаев).

**ЧЫКЫЛЫКТАТ чыкылыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫКЫЛЫКТОО чыкылыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫКЫР чакыр** менен бирдей.

**ЧЫКЫРООН** Бети-башты тызылдаткан, денени ичиркенткен, карандай катуу суук. *Муздак жел зыпылдап, уламдан-улам чыкыроон күчөйт* (Жантөшев). *Үч тестиер бала чыкыроон кыштын түшү кыңкайган ченде кычыраган чыйыр жол менен келатышты* (Бейшеналиев).

**ЧЫКЫРООНДО** Суук тартуу, катуу суук боло баштоо, карандай суук, чыкыроон боло баштоо. *Күн чыкыроондоп, тоо башынан муздак жел согот* (Жантөшев).

**ЧЫКЫРООНДОО чыкыроондо** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЛА I** Жаандан кийин же кар эригенден кийин ар кайсы жерде, мал түнөгөн жайларда токтоп калган ылайлуу сары суу, чалчык. *Малдардын чыласын тазалап, аларга жем-чөп даярдадык* (Абдукаримов). *Кар эрип, көчөлөрдөн сары чыла жылжып агат* (Абдукаримов).

**ЧЫЛА II** Сууга салып коюу, суу кошуп аралаштыруу, суюктукка салып коюу. *Чайга чылап муздатып туруп жеди* (Жантөшев). *Кырк жылы сууга чыласа, Кылт этип кылы оңбогон* («Манас»).

**ЧЫЛАЛАН** Чыла болуу, чылага айлануу.

**ЧЫЛАЛУУ** Чыласы көп. *Баткакка батпаган, Чылалуу жерге жатпаган* (Токтогул).

**ЧЫЛАН чыла II** этишинин өздүк мамилеси. *Барган сайын Арсен Саманчиндин капталы канга чыланып, анан анысы жерге сиңе берди* (Айтматов).

**ЧЫЛАПЧЫН** Кир жуу үчүн ылайыкталып, ар кандай металлдардан сүйрү же тегерек формада жасалган идиш, дагара. *Омор, айланайын, үйгө киргиле! – деди Сагын чоң чылапчынга салган көңүн көтөрүп турган калыбы менен* (Жантөшев). *Бекжан абдесте менен чылапчынды апкелип меймандардын колуна суу куйду* (Абдукаримов).

**ЧЫЛАТ чыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЛАШ чыла II** этишинин кош мамилеси.

**ЧЫЛБЫР** Ноктого же жүгөндүн бир жагындагы ооздуктун чагарагына тагылуучу узун тилке кайыш же көбүнчө кыл кошулуп эшилген жип. *Чоң койчу менен Эсен аттарын чылбырынан кармап четте турушат* (Жантөшев). *Жакып чылбырды үстүндөн чечип, күнандын башын кыбыланы карай тартты* (Бейшеналиев).

**ЧЫЛБЫР ТАШТОО** Жолтоо болуу, кара санатайлык кылуу, жолун тосуу, кедерги болуу. – *Уккула. Ак жолума кимде-ким чылбыр таштап, куранды аттай турган болсо, ар кимиңди мына ушундай жазалаймын* (Жоошбаев).

**ЧЫЛБЫР ЧАЙНОО** Абдан ачуу келүү, кыжырлануу (ачуусун токтото албай атынын чылбырын чайнап жиберүү). *Чылбыр арбытып абыдан, Чылбыр чайноо кылды эми* («Семетей» С.К.). *Чылбыр чайнашып калгыдай араңарда эмне чыр бар эле* («Ала-Тоо»).

**ЧЫЛБЫРДА чылбырла** менен бирдей.

**ЧЫЛБЫРЛА** Чылбырдан алуу, чылбырдан кармоо; чылбырдан алып туткактоо. *Жибербеди чылбырлап, Кармап алып кожону* (Тоголок Молдо).

**ЧЫЛБЫРЛОО чылбырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЛБЫРЛУУ** Чылбыры бар, чылбыр тагылган. *Чылбырлуу жүгөн.*

**ЧЫЛБЫРЫН ҮЗҮҮ** Бошонуу, боштондукка чыгуу. *Алигиче хан ордосу тараптан чылбырын үзүп кетелек кыргыздар өз тутунүнө караштуу бүлөлөр үчүн зекет беришет* (Осмоналиев). *Жаныңа эш болор деп таптаган тулпарың жашында жем жеген акырын эңсеп, чылбырын үзсө кантип токтотосуң* (Бейшеналиев).

**ЧЫЛГОО чулгоо** менен бирдей.

**ЧЫЛГЫЙ I** Чийки, иштетилбеген, ийленбеген (көбүнчө териге карата). *Константин Макарович чылгый терилерди сууруп, кол арабасына сала баштады* (Каимов). *Бутунда чылгый баш териден жасаган чарыгы бар* (Байтемиров).

**ЧЫЛГЫЙ II** Бүт, өңчөй, жалаң, чылк. *Сулуу кийген чылгый жибек кийимдей, Жүгөрүлөр шоодураган убагы* (Маликов).

**ЧЫЛГЫЙ ЧАНАЧТАЙ ИЙЛӨӨ** Абдан катуу жанчып уруу, көк чанач кылуу. *Моокуму кангыча, чылгый чаначтай ийлешти* («Ала-Тоо»).

**ЧЫЛК** Бүт, жалаң, өңчөй. *Сансыз сырдуу тетиктер, Буроо, труба бардыгы чылк темирден* (Токомбаев).

**ЧЫЛОО чыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЛПАК** Көбүнчө көз ооруп калган учурда, көздөн чыгуучу ириңдүү нерсе. *Бакир көзүнүн кычыктарындагы чылпактарын колу менен сүрттү* (Абдукаримов). *Чылпагын аарчыймын деп, көзүн чукуган* (макал).

**ЧЫЛПАКТА** Көзүн чылпак басуу, көздөн чылпак агуу. *Молдонун эки көзү чылпактап, арaң эле бүкчүйүп басып жүрөт* (Абдукаримов).

**ЧЫЛПАКТАН чылпакта** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫЛПАКТОО чылпакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЛПАКТУУ** Чылпагы көп. *Чылпактуу көз.*

**ЧЫЛПЫЛДА** Былч-былч этүү, суугa, терге чылануу, майы көп болуу. *Богогунан аккан тер Сызгыргандай чылпылдайт* (Токомбаев). *Мунуңузда [палоодо] май чылпылдап көп экен, – деди Түгөл* (Бейшеналиев).

**ЧЫЛПЫЛДАТ чылпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЛПЫЛДОО чылпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЛЫК** *сүйл.* Терс көрүнүштөрдү, мис. алдамчылык, кошоматчылык, жердешчилик көрүнүштөрдү жалпылоочу маанисинде колдонулат. *Азыр баягы «чылыктын» оорсок намысын унутуш керек* (Сыдыкбеков). *Чылык бар жерде былык бар* (макал).

**ЧЫЛЫМ** 1. Тартылган тамекинин түтүнү атайын куюлган суу аркылуу өтүп тазаланып чыгууга ылайыкталган нерсе. 2. Түтүкчө кылып оролгон тамеки. *Чубалтат көпкөк түтүнүн, Чычайта ороп чылымын* (Маликов). *Андрей чылым жасады* (Сасыкбаев). *Чылымдар он күйүп, Он өчүп, кирпиктер жабышып* (Ибраев).

**ЧЫЛЫМЧЫ** Чылым тартуучу.

**ЧЫМ I** Тамырлары жыш таралып калың чөп баскан жердин үстүнкү катмары, кыртышы жана ошол катмардын же кыртыштын кетмен ж.б. менен чаап бөлүнүп алынгандагысы. *Келиндер күрөктөрүн кыртыштуу чымга батыра-батыра сайышат* (Сыдыкбеков). *Шамбет камчысынын сабы менен ташты түртүп, чымды алып таштап арыктарга суу жиберип коёт* (Сыдыкбеков).

**ЧЫМ II** Чылк, чылкый, жалаң. *Чым ак.*

**ЧЫМ III: чым этүү** *же* **чым дей түшүү** Тыз дей түшүү, тызылдоо, тыз-тыз этүү. – *Чиркин жигиттин дартына ырас эле жүрөгүңүз чым этпейби?* (Каимов). *Күлүканды көргөндө Жумабектин жүрөгү чым дей түшөр эле* (Касымбеков).

**ЧЫМ ДЕБӨӨ** Тоготпоо, кебелбөө, сезбөө. *Биздин жылкычылар түнү менен деле жаанга калган учурлары болот. Чым деп да коюшпайт* (Байтемиров).

**ЧЫМ ЖАМЫНУУ** Өлүү, каза болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Ааламга тутка болчудай сөөлөттөрү артык дөөгүрсүнгөндөр да көргө кирип чым жамынышптыр* (Бейшеналиев). *Унутпа деп айткызармын чым жамынып калбасам* (Токомбаев). **В.: Чым жаздануу.** *Чым жазданып, көз жумсам, Жалгызыма көз салгын* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЧЫМ КӨҢ** Саздак жердеги өсүмдүктөрдүн чириндисинен пайда болуп, отун, жер семирткич жана ар кандай техникалык керектөөлөр үчүн жумшала турган масса, торф.

**ЧЫМАЙЫЛ** Чымын-чиркейлердин эң майда түрлөрүнүн жалпы аталышы. *Чымайыл болуп көрүнду* («Манас» С.О.).

**ЧЫМАЛЕКЕЙ** *диал.* Чикит оюнунда зуулдаган бала айта турган сөз.

**ЧЫМДУУ** Чым баскан, кыртыштуу. *Чымдуу жер. Чымдуу кыртыш.*

**ЧЫМКЫЙ** Чылк, бүт, жалаң, чылкый, чым. *Мага ушинетип, чымкый кызыл жибектен көйнөк кийгизди* (Жантөшев). *Ал да менден түңүлгөнбү, үн бербейт, Каадасынча чымкый кызыл гүл бербейт* (Токомбаев).

**ЧЫМЧУУ чымчы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЧУУР** Бир нерсени кыпчып, чымчып кармоо үчүн ар кандай материалдан жасалган курал, кычкач, кыпчуур. *Тырмактарым болот чымчуурдай карыша-карыша түшкөн экен* (Сыдыкбеков).

**ЧЫМЧЫ** 1. Бармак менен сөөмөйдүн учу менен, көбүнчө дененин бир жерин катуу кыпчуу, кыпчып тартуу. *Чоконун уулу Алымга көзүн кысып койду да, Дарыяханды карыдан чымчып алды* (Жантөшев). 2. Кандайдыр бир нерсени эки же үч колдун башы менен кыса кармоо, кичине-кичинеден алуу. *Самар кичине ойлоно калды да, Абаздын колундагы нымдуу кумдан чымчып алып, аны алаканына жайып карады* (Таштемиров). *Тегерек сакал абышка насыбайдан бир чымчып алды да, мурдунун эки таноосуна алмак-салмак жыттады.*

**ЧЫМЧЫК** Таранчы; жалпы эле чоңдугу таранчы сыяктуу болгон куштар, майда куштар. *Албаган куштан, ала моюн чымчык артык* (макал). *Чымчык семирип, батманга толбойт* (макал). *Чыңгызды билчүбүз дешип, чымчыктар дагы ыйлады* (Бакиров).

**ЧЫМЧЫКПАЙ** Жибектен жасалган музыкалык аспап.

**ЧЫМЧЫКТАЙ** Тыптырнактай, өтө эле кичинекей. *Чымчыктай болгон кургур.*

**ЧЫМЧЫЛ чымчы** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫМЧЫЛА** Кайра-кайра чымчый берүү, чымчымайын карматуу.

**ЧЫМЧЫЛАТ чымчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЧЫЛАШ чымчыла** этишинин кош мамилеси.

**ЧЫМЧЫЛОО чымчыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЧЫМ: бир чымчым** Бир чымчып кармоого туура келген өлчөм, кичинекей, эң эле аз. *Мен бир чымчым талкан менен бүт айылды тойгузам, – деди бала* («Жомоктор»).

**ЧЫМЧЫП БУУМА** Толтура, оозу араң тартып байлана турган, топтолтура (көбүнчө кап ж.б. карата). *Чымчып буума болгон эки кап арпаны өгүзгө теңдеп артты* («Ала-Тоо»). *Жайлоодон бир чоң торпок чаначка чымчып буума кылып саамал аралаштыра кымыз куйган* (Байтемиров).

**ЧЫМЧЫП ӨТҮҮ** Какшык, кычаштык сөз айтуу.

**ЧЫМЧЫП СҮЙЛӨӨ** Сөз кыйыгын келтирип аз-аз сынга алгандай, сынагандай, тийише сүйлөө. *Кыз-келиндердин күлкүсү, чымчып сүйлөгөн шакабасы түгөнчүдөй эмес* (Мырзаев). **В.: Чымчып өтүү.** *Ыгы келген жерден биз дагы чымчып өтпөсөк болобу* (Медетов).

**ЧЫМЧЫТ чымчы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЧЫШ чымчы** этишинин кош мамилеси.

**ЧЫМЫЛДА** Өтө катуу, тез жүгүрүү, чуркоо, чикит оюнунда тызылдап чуркоо. *Белгисиз тарапты көздөй чымылдадык дейсиң деди Бака* (Бейшеналиев). *Кыядан ылдый чуркадым Кызды көрүп чымылдап* (Осмонкул).

**ЧЫМЫЛДАК** Көбүнчө ууга чыкканда колдонулуучу, чыйылдаган ичке үн чыгаруучу ышкырык; оюнчук ышкырык. *Беркилер канчалык тыңшашпасын, Абаздын же чымылдактын чыйылдаган ичке үнү угулбады* (Таштемиров).

**ЧЫМЫЛДАТ чымылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЫЛДОО чымылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЫЛДЫК I** Тамырлары сүйрү же тогологураак келип, арыктын жээктерине же дың жерлерге чырмоок сыяктуу чубалжып өсө турган, буурчактын гүлүнө окшогон кызыл гүлдөрү бар өсүмдүк. *Сары байчечекей, каз таман,.. ак беде, жер буурчак, чымылдыктардын гүлдөрүнүн кулпунуп тургандарын карачы.*

**ЧЫМЫЛДЫК II** Ичи көңдөй кууралйдан, жыгачтан жасалган ичке үндүү үйлөмө музыкалык аспап. *Чымылдык жезнай тызылдап* («Манас» С.О.).

**ЧЫМЫЛДЫК III** *диал.* Көшөгө.

**ЧЫМЫЛДЫРЫК чымылдык** менен бирдей.

**ЧЫМЫН** 1. Көбүнчө жугуштуу оорулардын козгогучтарын таратуучу эки канаттуу майда жандык. *Ашыр баланын бетине коно калган чымынды коруп олтурат* (Сасыкбаев). *Аттар чымын-чиркейден ылаалап, мурундарын бышкыртып, токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов). *Чымынды дөө кылба, бетиңди көө кылба (макал).* 2. *өт.* Жин, шайтан, бакшылык өнөрү. *Чымыны кагылган бакшы. Чымындарды чакыр. Чымыны түшкөн бакшыдай буркулдайт.* 3. *өт.* Чыгармачылык өнөргө карата жөндөмдүүлүк, шык. *Адабият факультетине анча-мынча чымыны бар, бирдемелерди чийип жүргөн жаштар келет* (Бейшеналиев). *Токтогул ушул бала тегин көрүнбөйт, комузга дилгирлигине караганда чымыны бардыр дегенсип ойлонду* (Каимов). *Анын чымыны бар дешет, ошол чын да, а болбосо элдин баары эле сүрөт тарта беришпейби* (Борбуев).

**ЧЫМЫН ЖАН** Адам жанынын арзыбаган нерсе катары каралып, жандын убактылуу гана экендигин күчөтүү максатында колдонулган салыштыруу. *Оозу ачылган бечара карып, чымын жандан түңүлгөндөй болду* (Осмоналиев). – *Дүйнөгө түркүк болгон адам жок, мезгил келгенде карыйсың, арыйсың анан чымын жаның чыркырап жарыкчылык дүйнө менен коштошосуң.* **В.: Чымындай жан.** *Айланайын жеңеке, чымындай жаным сенин колуңда турат* (Тойбаев). *Эгер ошого чейин уулунун чымындай жаны чыга элек болсочу?* (Айтматов).

**ЧЫМЫН КОНГОНДОЙ КӨРБӨӨ** Тоготпоо, этибар албоо, сезип да койбоо. *Менин күүлөнүп келип тийгеним ага чымын конгончолук болбосо керек, кайра мени аяп, макулук бир жерин оорутуп албасын дегенчелик колун аярлай тосуп калат* (Акматов). **В.: Чымын чакканча көрбөө.** *Сенин тилиң заар, бирок эсиңде болсун менин терим калың. Чымын чакканча да көрбөйм* (Укаев). *Менин билишимче, мындай аянычтуу абал кээ бир жетекчилерибизди чымын чаккандай да кылбайт эмеспи.* **Чымын чаккандай көрбөө.** *Аны бадачы чымын чаккандай да көргөн жок* (Кушубеков). **Чымын чакканчалык болбоо.** *Эненин күйүп жатканы тиги маңкуртка чымын чакканчалык болбоду* (Айтматов).

**ЧЫМЫН-КУЮН БОЛУУ** Өтө катуу жүгүрүү, аябай тызылдоо, абдан катуу чуркоо. *Ошондон чымын-куюн болуп, жерге тийбей, бардык күчүмдү жыйнап чуркай бердим* (Жусупов). *Карагер чымын-куюн болуп башын жерге салып баратса да жетпей койду* (Абдукаимов). *Чымын-куюн болуп, көчө бойлоп Сатар чуркап келе жатат* (Баялинов).

**ЧЫМЫН УЧСА УГУЛА ТУРГАНДАЙ** Абдан тынч, өтө эле жымжырт, мемиреген тынчтык. *Бир саамга чымын учса угула тургандай жымжырт боло түштү* (Сыдыкбеков). *Корпустун ичи чымын учса угула тургандай* (Сасыкбаев).

**ЧЫМЫН-ЧИРКЕЙ** Майда жандыктардын жалпы наамы.

**ЧЫМЫНДА** Өзүн чымындан коргоо, чымындан качып куйругу менен тез-тез шыйпануу, чапкылоо ж.б. (көбүнчө малга карата). *Жүдөө чобур суу боюнда чымындап турат* («Ала-Тоо»).

**ЧЫМЫНДАТ чымында** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЫНДОО чымында** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЫНЫН КАГУУ** Бирди көрсөтүү, эсине келтирип коюу. *Биртике чымыныңды кагайынбы ыя, – деп Сагымбай муштумун кезеди* (Бейшеналиев).

**ЧЫМЫР I** Чын, бышык, чыйрак, көпшөк эмес. *Барпы мыртыйган чымыр колдору менен Ышкынаалынын жакасын камтый кармады* (Байтемиров).

**ЧЫМЫР II: ымыр-чымыр болуу** Чымырагандай абалда болуу, чыбыр-чубур, жыбыр-жубур эткендей боло түшүү. *Анархандын жүрөгү оозуна тыгылуу менен көзү ымыр-чымыр боло түштү* (Жантөшев). *Айшанын бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Бакирдин көздөрү андан бетер ымыр-чымыр болуп, аттан кулап түштү* (Осмоналиев). *Өмүр бою аты-жөнү туурасында чеки сөз укпаган баланын бүткөн бою дүрүлдөп, бети-башы ымыр-чымыр болуп чыкты* (Бейшеналиев).

**ЧЫМЫРА** 1. Дүүлүгүп жыбырагандай, чыбыр ала болгондой көрүнүү, жыбыр-жубур эткендей сезимде болуу (көбүнчө денеге карата). *Чарчаган буттары чымырап, жаны жыргап баратат* (Байтемиров). *Аяз күүсүн чалат: бет чымырап, кулак тызылдайт* (Каимов). *Столду бек чапкандыктан тыз-тыз чымырай түшкөн алаканы бир аздан кийин ысый баштады* (Сыдыкбеков). 2. Чыбырчыктоо; көөп жылый баштоо. *Чаргындын бул кеби чымырап калган казандын отун ичкерештиргендей болду* (Сыдыкбеков). *Жаз келип, карлар эрип, жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап, курт кыбырап* (Турусбеков). *Жазга жакын көктөмдө, Жер чымырап көпкөндө* (Осмонкул).

**ЧЫМЫРАТ чымыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЫРКАН** 1. Катуу күч менен, күчүнүн бардыгынча аракет кылуу. *Сапар челекти чымырканып бети-башынан бери кызарып-татарганы менен жерден үзө албады* (Бейшеналиев). 2. Бел байлоо, тырышуу, кайраттануу, өзүн-өзү бекем кармоо. *Кыйынчылыкка чымырканып, өзүңө этият бол* (Абдукаримов). *Какелей өзүнө жалгыз көрүнгөн сырды жанга угузбоого чымырканды* (Бейшеналиев).

**ЧЫМЫРКАНТ чымыркан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫМЫРКАНУУ чымыркан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЫРОО чымыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫМЫЯН** *эск.* Колго согулган кездеменин бир түрү.

**ЧЫН** Анык; даана, туура, ырас, калп эмес. – *Деги ушу көргөзмөгө жиберери чын бекен?* (Байтемиров). *Чын айтсам кепке ишенбей, Жалган кылды сөзүмдү* (Токтогул). *Чынын айтканда сен абдан бактылуу экенсиң* (Жантөшев). *Чын айтып залал тап – акыры жетерсиң муратка* (макал). *Чынын айткан киши ак* (макал).

**ЧЫН ЖАЙ** Аркы дүйнө, өлгөндөн кийин, көз жумгандан кийинки деген мааниде. *Бай Көкөтөй өлдү деп, Бааны дүйнө, чын жайды Барып акыр көрдү деп* («Манас»). *Кайра келбес чын жайды Көрмөк болдум, Сейтегим* («Сейтек»).

**ЧЫН ЖҮРӨКТӨН** Чын көңүлү, ак пейли менен, абдан берилип (куттуктоо, алкыш айтуу маанисинде). *Мына ушундай кубанычтуу окуянын босогосунда турган өнөр жандуу адамдарыбызга чын жүрөктөн алкоо сөздөрүбүздү чуурткубуз келип турат* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Чын жүрөгү менен.** *Карыя ак сакалын жайкап, чын жүрөгү менен ыраазы болуп, иштеп жаткан балдарга батасын берди.*

**ЧЫН КУРАН** Кыргыздын элдик жыл сүрүү календарынын экинчи айы, март айына туура келет. *Серкебай Акбоздун жарым баасын чын куран ченде төлөп берүүгө ооз учу менен макул болду* (Осмоналиев).

**ЧЫН ТИЙБЕС** Болор-болбос, кичине эле нерсени көңүлүнө алып калган, бир нерсеге тез таарынып калма, сөз көтөрүмү жок, докчул. *Карасарт кыялы өзгөрүп, чын тийбес да болуп кетти* (Кыдырмышев). *Же кургур ошончолук макоо беле, Чын тийбес, начар кыял, жөн билбеген* (Турусбеков).

**ЧЫНАР** 1. Салааланган жазы жалбырактуу, бийик өсө турган жыгач. *Алар эки түп чынардын көлөкөсүндө отурат* (Абдукаримов). *Көрүндү бийик өскөн бир түп чынар, Кез болду ыңгайлуу жер көч тыныгар* (Үмөталиев). *Айтканыңыз калган эле эсимде: «Чырпык чынар болоор өз кезинде»* (Акматалиев). 2. *өт.* Таяныч, тирек, жөлөк, калканч. *Элим ошол чоң түп чынар, мен бир бутак. Мен өлсөм, элим тирүү, атымды угат* (Үмөталиев). *Сен ал үчүн суктанган, кумары тарабаган чынар элең* (Стамов).

**ЧЫНАРЛУУ** Чынары бар.

**ЧЫНДА** Чыны менен, бардык күч-аракети менен киришүү. *Фатима болсо Жукөштүн чындап эле чарчаганын сезди* (Сасыкбаев). *Өңү купкуу болуп, чындап эле коркуп алды* (Байтемиров). *Чындап келсе чыгармачыл жагынан, Нобель сыйлык «Ак кемеге» берилмек* (Акматалиев). *Бардык ишке чындап киришүү керек.*

**ЧЫНДЫГЫНДА** Чынында, туурасы, чынын айтканда, туурасын айтканда. *Чындыгында да жагдайы начар болуучу.*

**ЧЫНДЫК** Тууралык, жалган эместик, кандайдыр бир сөздүн, окуянын ж.б. туурасы, чыны, акыйкат, болгон натыйжа.

*Жылдызкан бул иштин чындыгын он беш күн өткөндөн кийин билди* (Байтемиров). *Жумушчу адам ар дайым иштин тууралыгын, чындыгын сүйөт* (Жантөшев). *Сураган суроого чындыкты айтып жооп бер* (Жантөшев). *Чындык деп ооруп калган адамдарга, чырактай акыр бир жаңгылачы* (Абдалова).

**ЧЫНЖЫР** 1. Бирине-бири илиништирилип жасалган темир тизмек. *Чоң көк ала дөбөт чынжырын шылдыраткан бойдон качырган эле* (Сасыкбаев). *Конвейердин чынжыр тасмасы шаркылдап, тынымсыз жылып турууда* (Сасыкбаев). *Алмамбет көзүн салганы, Чынжыр салган мойнуна, Жашын төккөн койнуна, Бул эмне болгон киши деп, Аныктап сурап алганы* («Манас»). 2. *өт.* Тушоо, кишен. 3. *өт.* Байланыш. *Бурма менен Токтогулдун ортосундагы мээрбандыктын үзүлбөс чынжыры ого бетер чыңалды* (Токомбаев).

**ЧЫНЖЫР ЖОЛ** Ийри-буйру жол. Кээде өйдө-ылдыйы көп, бөксө менен жүрүүчү татаал жол маанисинде да айтыла берет. *Жүргөнү чынжыр жол болуп* («Манас» С.О.).

**ЧЫНЖЫРЛА** 1. Чынжыр менен байлоо, чынжыр менен бекитүү. *Артыма колум чынжырлап, Байланганда кербезим* (Токтогул). 2. *өт.* Байлоо, бекитүү. *Турмуш Күмүшканды чынжырлады* (Бөкөнбаев).

**ЧЫНЖЫРЛАН чынжырла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫНЖЫРЛАТ чынжырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫНЖЫРЛОО чынжырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫНЖЫРЛУУ** Чынжыр салынган, чынжырланган.

**ЧЫНЧЫЛ** Чындыкты сүйлөгөн, чындыкты сүйгөн, калп айтпаган. *Булар жүрөгү өрт, чынчыл пионерлер эмеспи* (Бейшеналиев). *Чынчыл адамга жүгүн* (макал).

**ЧЫНЫ I** Ооз жагы жайыгыраак, түп жагы куушураак келген, анчалык чуңкур эмес, көбүнчө чай ичүү үчүн колдонулуучу идиш. *Ал чыныдагы чайын ууртабастан олтуруп Акимдин ишин мактап кетти* (Сыдыкбеков). *Чыныга куйган бал элең, Чырпыктай өскөн тал элең* (Казыбек).

**ЧЫНЫ II: чыны менен** Чын эле, чындап, анык. *Үйдөн чыны чыккамын, Учурашып келүүгө* (Токтогул).

**ЧЫНЫ КАП** Көбүнчө боз үй менен ары-бери көчүп конгон учурларда атайын чыныларды салуу үчүн ылайыкталып жыгачтан жасалган буюм.

**ЧЫНЫ КАРАГАТ** Тоодо өсө турган жапайы кара карагат. *Алар чыны карагат терип келебиз дешип, тоого кетишти.*

**ЧЫНЫГҮЛ** *диал.* Гүлү татынакай ачылган өсүмдүктүн аты.

**ЧЫНЫГЫ** Анык, чын, таза. *Демек, алардын чыныгы аттары Сакадай, Анархан?* (Жантөшев). *Чыныгы алтын. Чыныгы жибек.*

**ЧЫНЫГЫ ЖҮЗ** Жасалмалуулугу жок, – өзүнүн ички табиятына, чыныгы оюна, түшүнүгүнө туура келүүчү мүнөз, табият. *Чыныгы жүзүн ачып, пардасын сыйыrганча алар канчалык жаман иш жасоого үлгүрүшту.*

**ЧЫНЫК** Бышыгуу; чың болуу. *Сөзү жатык, эмгек менен чыныккан, Аракети дайым үлгү берди эле* (Токомбаев). *Дүгдүгүй бүгүш тартып далысы кең, Чыныккан чымыр дене эмгек менен* (Абдыраманов).

**ЧЫНЫКТЫР чынык** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫНЫНДА чындыгында** менен бирдей.

**ЧЫҢ I** Тоонун эң бийик жери, тик кеткен эң бийик жер. *Тоо бүркүттөр толгоно албас чыңдардан – Жол жасадың, машиналар чурады* (Токомбаев). *Ашыр чың ылдый сабалаган бойдон түшүп кетти* (Сасыкбаев).

**ЧЫҢ II** 1. Нык, чымыр; бошоң эмес, көпшөк эмес. *Баарынын жүздөрү кайраттуу, денелери чың* (Бөкөнбаев). 2. *өт.* Бекем, катуу, кайраттуу. *Отуз бешке жашың толду чыңалып, Эмгекчи элдин бирдиги чың куралып* (Осмонкул).

**ЧЫҢ III** Көбүнчө баланын ыйлаганындай болгон ичке ачуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чың-чың үнү чың чыгат Чымыркanып бу Манас, Добушу катуу чоң чыгат* («Манас»).

**ЧЫҢА** 1. Чың кылуу, бекем кылуу; күчөтүү, өнүктүрүү. *Эмгекчини баш көтөртүп курадың, Эл достугун бекем кылып чыңадың* (Осмонкул). *Жаңы уюшулган колхоз чарбасын жаштар чыңай баштады* (Сыдыкбеков). 2. Чалгынын, кетмендин ж.б. мизин чыгара, мизин жукарта чапкылоо, чапкылап чыңдоо. *Чалгы чыңады. Кетмен чыңады.* 3. Керүү, кере тартуу, чыйралтуу, чоюу. *Асан карыя, комузунун.. кылын саал чыңап тээгин.. жогору жылдырып койду* (Токомбаев).

**ЧЫҢАЛ чыңа** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫҢАТ чыңа** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫҢДА** Чыңоо, бекемдөө, арттыра күчөтүү. *Чыңдайлы эмгек менен тынчтык күчүн* (Үсөнбаев).

**ЧЫҢДАЛ чыңда** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫҢДАН чыңда** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫҢДАТ чыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫҢДОО I** 1. Чыңдалган жер, чыңдалган коргонуу жайы. *Чыңдоолор куруу. Чыңдоолорду талкалоо.* 2. Толуктоо, жардам-

чы. *Кызылчачыларга чыңдоо катары жогорку класстын окуучулары жиберилди* («Мугалимдер газетасы»).

**ЧЫҢДОО II чыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫҢДЫК** Чың болуу сапаты, чың экендик. *Жүзүнөн ден соолугунун чыңдыгы билинет.*

**ЧЫҢК** Үзүлүп-үзүлүп чыккан ичке үндү же металлга урулгандагыдай ичке дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Туйгунуңдун сыр найза, Чымын консо чыңк эткен* («Манас»).

**ЧЫҢКЫЛДА** Чыңк-чыңк эткен ичке үн чыгаруу, чыңк-чыңк этүү. *Ийинден алыс узабай, суурлар турат чыңкылдап* («Жомоктор»).

**ЧЫҢКЫЛДАК** Чыңк-чыңк эткен үн чыгарган, үнү чыңк-чыңк эткен. *Бекбайдын чыңкылдак үнү эч нерседен капарсыз турган Кычандын таттуу ойлорун чачыратып жиберди* (Бейшеналиев).

**ЧЫҢКЫЛДАТ чыңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫҢКЫЛДОО чыңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫҢОО чыңа** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫҢООЛ** 1. Согуш учурунда өргүп, же эс алып, токтоп жаткан колдун, же курчоодо калып, камалып жаткан чептин, шаардын айланасын, мерчемдүү жерлерди күзөтүүчү өзүнчө аскердик топ, атайын ушул максат үчүн бөлүнгөн жоокерлер. *Чыңоолдорун чыңашып, чың эткен үнүн тыңдашып* («Манас»). 2. Кароолчу, жезекчи. *Чыңоол, кароол коюшуп.* («Манас» С.О.). *Чыңоолду чыңдап коюшуп* («Манас» С.О.).

**ЧЫҢЫР** Абдан катуу, ачуу ичке үн чыгаруу, ушундай үн чыгарып ыйлоо. *Калмураттын колун кармап, Алима чыңырып жиберди* (Абдукаримов). *Кемпир бечара ботодой боздоп, кулундай чыңырып, алы кетип жыгылып кала берди* (Токтогул).

**ЧЫҢЫРОО чыңыроон** менен бирдей.

**ЧЫҢЫРООН** Жоокерлерге кабар берүүчү жез түтүктөн жасалган үйлөмө согуштук курал. *Чыңыроон тартып жезнайдан* («Манас» С.О.).

**ЧЫҢЫРТ чыңыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫҢЫРТКЫ** *аңч.* Аң уулаганда көбүнчө эликтин баласынын үнүндөй үн чыгарып, улам-улам кайра тартып, аңдып жаткан жерге чакыруу, жакындатуу ордун аныктоо үчүн колдонулуучу шибер, кыйгак чөп, жалбырак ж.б.

**ЧЫҢЫРУУ чыңыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫҢЫРЫК** 1. Чыңырган үн, чыңырган ичке ачуу үн. *Жылкы жыйылбай калды, Чыңырыгы тыйылбай калды* (Тоголок Молдо). 2. *диал.* Мифологияда тоо арасында адамдарга көрүнбөй жашай турган кандайдыр бир ачуу үн чыгарган жандык.

**ЧЫП: чып-чып** 1. Ичке нерсени (мис. чыбыкты) тез шилтеп, жумшагыраак нерсеге тийгенде чыккандагыдай ичке дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чып-чып тийген, камчынын табышы угулат.* 2. Ымшыганда, тердегенде тер көбүрөөк сызылып чыккандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Салыктын бою ымшып, чекесинен чып-чып тер чыгат* (Каимов).

**ЧЫПАЛАГЫ МЕНЕН ТЕҢ** Салыштырмалуу өтө эле кичүү, кичине деген мааниде. *– Ай, уятсыз, билсең алдагы кыздар сенин чыпалагың менен тең* («Ала-Тоо»).

**ЧЫПАЛАГЫНА ТЕҢ КЕЛБӨӨ** Тең боло албоо, кимдир бирөө менен бирдей даражада боло албоо, алда канча төмөн туруу, теңдеше албоо. *Сен тигинин чыпалагына да тең келбейсиң* (Баялинов). *Жаныңа жакын үйүр кылба, бул Жапардын чыпалагына тең келбейт деп, мен Жамийлага алда нече курдай айттым* (Баялинов).

**ЧЫПАЛАК** Колдун же буттун манжаларындагы эң акыркы (бешинчи) кичинекей манжа. *Уруя болсо сол колунун чыпалагын тиштеген бойдон бир калыпта отурат* (Байтемиров). *Каныбектин өзгөчө сол бутунун чыпалагы кара көк тартып шишип кеткен* (Жантөшев).

**ЧЫПАЛАК ЭЛИ** Өлчөм, чен. *Дагы бир аз, чыпалак эли кыскарт. Казысы чыпалак эли чыгыптыр.*

**ЧЫПАЛАКТАН АЙЛАНСЫН** «Ошол да кишиби» деген сыяктуу теңине албоо, жактырбоо, киши ордуна көрбөө маанисинде колдонулат. *Шакар сенин чыпалагыңдан айлансын деп ичинен баалаган Күласал* (Осмоналиев).

**ЧЫПЕТМЕ** *диал.* Ок кууру (патрон) жезделип дүрмөттөлгөн, атканда үнү катуу чыкпаган мылтык.

**ЧЫПКА** 1. Суюк нерсени пыр-сырынан тазалоо, коюу нерседен бөлүү үчүн кылдан же марлядан жасалган сүзгүч. 2. Кандайдыр бир түзүлүштүн, буюмдун абаны, газды тазалап өткөрүүчү тетиги. 3. Түйдөктөшкөн, тоголоктошуп, кирип калган. *Чыйырчыктай карала, Чыпка куйрук Сарала* («Манас»). *Эми сага окшогон чыпка сакалдан кайыр сурап олтурам* (Токомбаев).

**ЧЫПКАЛА** 1. Чыпкадан өткөрүү, чыпкадан өткөрүп сүзүү, тазалоо. *Суу ташылбай же жетпей калса, шахтёрлор ылай кара сууну чыпкалап шимиришчү* (Сасыкбаев). 2. *хим.* Чыпкалоочу тосмонун жардамы менен газды же суюктукту өткөрүп катуу бөлүктөрдү кармап калуу.

**ЧЫПКАЛАН чыпкала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫПКАЛАТ** **чыпкала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫПКАЛАШ** **чыпкала** этишинин кош мамилеси.

**ЧЫПКАЛОО** **чыпкала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫПКЫ** *диал.* Камчы ж.б. нерселерге оюм-чийим түшүрө турган аспаптын аты.

**ЧЫПТА II** Кынай жабыштыруу, кыналыштыруу, кыналган абалда болуу. *Пияладай кара көздүн үстүндөгү калың кара каш тим эле чыптап койгондой* (Абдукаримов).

**ЧЫПТА** Саалуучу бээлердин кулундарын желеге байлап коюу үчүн жумшак жиптен жасалган атайын нокто. *Нокто, чыпта таба албай* («Манас» С.О.). 2. Кендирден жасалган кап. *Нурмат колдошуп көтөрмөкчү болуп чыптаны колу менен оңтойлоду* (Абдукаримов). *Алар чыпталарга буудай салууга үлгүрбөй жатышты* (Абдукаримов). 3. Билет. *Жүр, Канымкүл, чыпта сатып алалы, Фрунзеге ылдам кирип баралы* (Осмонов). *Эгер кассада чыпта болсо, ушерден Москвага чейин плацкарта вагонуна түшүү отуз сом турат* (Айтматов).

**ЧЫПТАЛ** **чыпта** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫПТАМА** Жеңсиз, жалаң кат кыска бешмант. *Кызыл тукаба чыптамасы кыздын денесин чыпыйтып кучактап турат* (Байтемиров).

**ЧЫПЧАҢ** Толук, туура. *Командировкадан келгениме бүгүн чыпчаң беш күн болду* («Чалкан»).

**ЧЫПЧЫРГАСЫН КОРОТПОО** Бүт барлыгын, эч нерсесин калтырбай же эч нерсесине тийбей, толугу менен. *Чыпчыргасын коротпой, Буюмуңду беремин* («Мендирман»). *Ал узакка баарлаша сурамжылап, ошонун баарын чыпчыргасын коротпой кагазга түшүрүүсүн каалады* (Бейшеналиев). *Кечээ сөздөр чыпчыргасы коробой эгиз жылкысы менен тыяктагы Бишкектин аялына жетиптир* (Үмөталиев). *Ушул документтердин бүт баары биздин колубузда чыпчыргасы коробой сакталуу турат.* **В.: Чыпчыргасын калтырбай.** *Ал тургай өз башынан өткөндөрүн чыпчыргасын калтырбай баян эткен* (Ашымбаев). *Куйруктуу кара козуну сойдуруп, чыпчыргасын калтырбай казанга салдырат* (Осмоналиев). **Чыргасын коротпоо.** *Чыргасын коротпой уурунун колуна салып бергенбиз баарын* (Сыдыкбеков).

**ЧЫПЫЙ** 1. Кийим денеге кыналып туруу, чыпталгандай болуу. 2. Кыпчылып ичин көздөй тартылуу (мис. таноо). *Айдайдын таноолору кыпчыйып, чыпыя түштү* (Каимов).

**ЧЫПЫЙТ** **чыпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫПЫЛДА** 1. Чып-чып эткен дабыш чыгуу (мис. ичке чыбык же камчы менен чабуудан). 2. Чып-чып этип, сызылып чыгуу, агуу (көбүнчө терге карата). *Ашырдын чекесинен тер чыпылдады* (Сасыкбаев).

**ЧЫПЫЛДАТ** **чыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫПЫЛДОО** **чыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫР I** Чатак, жаңжал. *Чыр чыкпай турган кылуу керек. Арзыкул иши кылып түрдүү нерседен кынтык таап, чыр чыгара албай турду* (Байтемиров). *Үйүмө жаткырбайм деп чыр кылганы жатасыңбы* (Бейшеналиев).

**ЧЫР II** 1. Тез, чукулунан, мис. кайнап жаткан майга муздак суу таамп кеткенде чыккан сыяктуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. 2. Чымчыктын, чегирткенин ж.б. безелене, чырылдай чыккан ичке ачуу дабышын билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧЫРАБЖАЛ** Тырмак алуучу аспап. *Тырмак алчу чырабжал Кайчысы бар, тарак бар* («Эл адабияты»).

**ЧЫРАГДАН** Ортосунда билиги бар, көбүнчө жермай, керосин менен жарык кылынуучу шам.

**ЧЫРАГЫНА МАЙ ТАМУУ** 1. Каалаганына, көздөгөнүнө жетүүгө жол ачылуу, мүмкүнчүлүк түзүлүү, оңтойлуу абал пайда болуу. 2. Баштагыдан да күчөө, албууттануу, ырбоо. *Мындай учурда бийлөөчүлөрдүн чырагына май тамат* (Бейшеналиев). *Баятан бери ичтеги наразылыктарын ачыкка чыгара албай олтурган меймандардын чырагына май тамды* («Кыргызстан маданияты»). *Колдо даяр мал болбогон соң, ишенери минтип турса Орозбайдын чырагына май тамабы деп жүрөксүнгөн* (Өгөбаев). **В.: Чырагына май куюу.** *Бул окуя полковниктин чырагына май куйду* (Осмоналиев). **Чырагына май тамызуу.** *Мына мындай абал Карасакалдын чырагына кайрадан май тамызган эле* (Абдыраманов). *Анын үстүнө аялы ого бетер сүрөмөлөп, чырагына май тамызып турчу* (Борбиев). *Үй ээсинин жоктугу да Манап байдын чырагына май тамызып койду* (Сыдыкбеков).

**ЧЫРАЙ** Өң, жүз, бет (көбүнчө ажарлуу өңгө байланыштуу колдонулат). *Карып билинер-билинбес калтырак баскан колу менен ээктен бир аз көтөрдү эле, Салиманын чырайы ошол замат жарк эте түштү* (Абдукаримов). *Салый Жамиланы жакшы чырайы менен каршы алды* (Баялинов). *Айшанын атасы Шыйкымбай арык чырай, чарчы бойлуу, кара тору адам эле* (Токобаев).

**ЧЫРАЙЛУУ** Өңдүү, өңдүү-түстүү, татынакай. *Кыз баладай чырайлуу, Кызыктуу көлдүн өзү экен* (Маликов). *Урия мурункудан да укмуштуудай чырайлуу, назик* (Бейшеналиев). *Чырайлуу көзүнөн эмес, сөзүнөн* (макал).

**ЧЫРАК** 1. **чырагдан** менен бирдей. *Тек-*

*чеде жетинчи чырак бир калыпта булбулдөйт* (Абдукаримов). *Батыш чыракты өчүрдү да, төшөгүнө барып отурду* (Байтемиров). *Кеткем мен да... жол чырагын көтөрүп, Жол боюнда тоскон далай жолчу адам* (Акматбекова). 2. *өт.* Көбүнчө «чырагым, шам чырагым» деген формада айтылып, «балам, кулунум, жарыгым» деген сыяктуу мааниде колдонулуучу сөз. *Мен кеткенде төрт жашар, Аркамда калган чырагым* (Токтогул). *Өчүрбөй өмүрдүн чырагын, Чырагым, эми сен улагын!* (Акматалиев).

**ЧЫРАКПАЯ** Шам койгуч, шам сайып койгуч.

**ЧЫРАКТАЙ** Татынакай, келишимдүү. *Чырактай болгон кызың турат, ошонун амандыгын тиле* (Байтемиров). *Зарыл өзү курдуу кыздардын ортосунда чырактай болуп олтурат* (Сыдыкбеков).

**ЧЫРАЛЖЫ** Согулган, өрүлгөн. *Чыралжы чепкен чым манат, Бу, дүнүйө аманат* («Эл адабияты»).

**ЧЫРАШ** Жалбырактары тамырынан таралган, эрте жазда гүлдөөчү жапайы өсүмдүк.

**ЧЫРАШ САЙМА** Буюмдун чекесин чыраштап бекитүү, чаптоо, жабыштыруу.

**ЧЫРАШТА** 1. Чаптоо, жабыштыра чырмоо. *Токтогул торпоктун мойнуна кетсе да, чыраштап койгондой ээрине бекем олтурат* (Токомбаев). 2. Кооздоп чыраштоо. *Жийдегүл сүрөтүн кызыл чүпүрөккө чыраштап, анын кырка жээгин жашыл шайы менен кыюулап койгон эле* (Сасыкбаев).

**ЧЫРАШТОО чырашта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРГА** 1. Бүркүттү таптап үйрөтүүдө колдонулуучу түлкүнүн кеби. *Чырга тартуу. Чырга менен бүркүт үйрөтүү.* 2. Жалпы эле кыраан куштарды таптоодо колдонулуучу айбандын же канаттуунун кеби.

**ЧЫРГА ТАРТУУ** Акырын алдап-соолап сырын тартуу, алдап көндүрүү, тил эмизип создуктуруп жүрө берүү. *Анын чырга тарткан жылуу сөзүнө алданып жүрө берди* («Ала-Тоо»).

**ЧЫРГАДАЙ СҮЙРӨЛҮҮ** Жан алекетке түшүп асылуу, коё бербей жармашуу. *Чылбырлап чырга сүйрөттүң, Чыргоо бүркүт кармасаң, Балапандай үйрөттүң* (Тоголок Молдо). *Чыргадан чочуган бала бүркүттөй акырын ары жылып, Каныбекти карап калды* (Жантөшев). *Ал чыргадай сүйрөлдү.*

**ЧЫРГАЙ** Чыргоо, чатакчыл. *Бардыгы кээде тентек, кээде жөнтөк, Ар бири кээде чыргай, кээде элпек* (Токомбаев).

**ЧЫРГАЛА** Аксоо. *Кунандын арткы буту чыргалап калыптыр* («Ала-Тоо»).

**ЧЫРГАЛАН чыргала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЧЫРГАЛОО чыргала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРГАСЫН КОРОТПОО** *к.* **чыпчыргасын коротпоо.**

**ЧЫРГОО** Чатак, таарынчаак, эпке-жөнгө көнбөгөн, чыргай. *Жан бирге, биз жабышкан кеме бирге, Чырмалам чыргоо ойдун келебине* (Токтомушев).

**ЧЫРГООЛОН** Жөнү жок эле шылтоо менен чатак салуу, чыргоолук кылуу. *Балдары туз эле конфет сурап чыргоолончу болду* (Убукеев).

**ЧЫРГООЛОНТ чыргоолон** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРГООЛОНУУ чыргоолон** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРГООЛУК** Чыргоолонгондук, чатактык, чыргоо мүнөз. *Баланын илмийген арыктыгы, ноокаска жакындыгы аны чыргоолукка айландырып баратты* (Каимов).

**ЧЫРДА чырла** менен бирдей.

**ЧЫРДАШ чырлаш** менен бирдей. *Чатакташпай, чырдашпай, Кырк тулпарды бериңиз* («Эр Төштүк»). *Корсоңдошпой, чырдашпай, кекти сууга саларсың* (фольк.).

**ЧЫРДАШУУ чырдаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРДУУ** Чырга себепкер, чатагы бар, жоболондуу. *Чырдуу иш. Чырдуу кыздын чыргоо жомогу ырбайт* (макал).

**ЧЫРК** Көбүнчө чымчыктардын чыр-чыр эткен кыска дабышын билдирүү үчүн колдонулат. *Чымчык чырк-чырк дейт да безилдейт.*

**ЧЫРКАНАК чычырканак** менен бирдей.

**ЧЫРКЫЛДА** Чырк-чырк эткен дабыш, үн чыгаруу. *Каркылдаган карга, чыркылдаган чымчык жок* (Жантөшев).

**ЧЫРКЫЛДАК** Чырк-чырк эткен, чыркылдаган.

**ЧЫРКЫЛДАТ чыркылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРКЫЛДОО чыркылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРКЫРА** 1. Чыр-чур этүү, чырылдаган үн чыгаруу. *Чымчыктын баары чыркырап, Кулак тунуп чуркурап* (Тоголок Молдо). 2. Чырылдап ыйлоо, чырылдаган ачуу дабыш чыгаруу. *Апакелеп чыркырап, Этегине тырмышты* (Үмөталиев). *Катын, бала чыркырап, Калгандагы кербезим* (Токтогул). 3. Чырылдаган, чыр айланып катуу шуулдаган дабыш чыгаруу (мис. ыргыган таш). *Ачууланып эр Манас, Бир чүкөнү черткени, Чыркырап чүкө кеткени* («Манас»). *Туурадан ыргып майда таш, Бута атым кетет чыркырап* (Токомбаев). *Чүкөдөй таштар чырылдап учуп, чаң чыгып, дүбүрөдү* (Сасыкбаев).

**ЧЫРКЫРАТ чыркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРКЫРАШ** Чырылдашып, чатакташуу,

кер-мур айтышуу, талашып-тартышкан ырксыз мамиледе болуу. *Башта жакшы эле, кийинки бир-эки жылдын ичинде көп чыркыраша турган болду* (Байтемиров).

**ЧЫРКЫРОО чыркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРЛА** Чыр чыгаруу, жөнү жок, ыгы жок шылтоо менен чыр салуу.

**ЧЫРЛАШ** Чатакташуу, кыжылдашып, кер-мур айтышуу. *Жакын жүргөн досуңа, Жаман айтып чырлашпа* (Осмонкул).

**ЧЫРЛАШУУ чырлаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРЛОО чырла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРЛУУ** Чыры бар, чырлашкан, урушкериш менен, чатак менен. *Май ичип чырлуу жашагыча, суу ичип тынч жашаган жакшы* (Байтемиров).

**ЧЫРМ чырым I** менен бирдей.

**ЧЫРМ ЭТҮҮ** Кичинекей, азыраак уктап ала коюу, бир аз көз илинтүү, куш уйку салуу. *Күнү кечке ушу күү менен жүргөн экөө түндө да чырм этишкен жок* (Өмүрбаев). *Эптеп чырм этип алсам эле көңүлүм чайыттай ачылып кеткен турат* (Бердикеев). *Садыр үйгө кирип жылынып, бир аз чырм этип алсаңчы* (Убукеев). **В.: Чырым этүү.** *Ат үстүндө, ат жалын кармап чырым эткен болобуз* (Жантөшев). *Таабалды чырым этип кирпик какпай жол жүрүүдө* (Бектенов).

**ЧЫРМА** 1. Каршы-терши ороп байлоо, таңуу, артылтып, айланта ороо. *Чыгарып тасма кайыш канжыгамды, Чырмадым карыштыра оозун таңып* (Осмонкул). *Сабына сары жез чырмаган камчы* (Токомбаев). *Чымын канат чырмаган, Чийиң калды, энеке* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Курчоо, чулгоо, басуу (санаа, кыял, кырсык ж.б.). *Жакыпты токсон толгонтуп санаага чырмаган мына ушул кат* (Бейшеналиев). *Санааркап, ичтен сызып Сапар жүрөт, Бир башын токсон тогуз кыял чырмап* (Маликов).

**ЧЫРМААР** *диал.* Тузактын бутту чырмап калуучу бир түрү.

**ЧЫРМАК** Чырмоо жолу менен көбүнчө чийге салынган түр. *Килем көчөт келтирип, Чырмак салган чийине* (Тоголок Молдо).

**ЧЫРМАКЧЫ** Чийди чырмоо аркылуу кооз буюм жасаган уз.

**ЧЫРМАКЧЫЛЫК** Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү.

**ЧЫРМАЛ чырма** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫРМАП** *диал.* Чачык чыгарылып, байланган жерине чейин сайма менен кооздолгон ычкыр.

**ЧЫРМАТ чырма** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРМАШ чырма** этишинин кош мамилеси.

**ЧЫРМОО чырма** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРМООК** Агыш кызгылт гүлдүү, чырмалышып, оролушуп өсө турган өсүмдүк.

**ЧЫРМЫЙ** Кичинекей, чыйрак, тарамыштуу адам.

**ЧЫРМЫКТА чырныкта** менен бирдей.

**ЧЫРНЫКТА** Анча-мынча ооруп калуу, кичине ооруп калуу, сасык тумоолоп калуу. *Ушу өткөн анча-мынча күнү чырныктап калганы болбосо, Жылдызкандын саламаттыгы да жакшы* (Байтемиров).

**ЧЫРНЫКТОО чырныкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРПУУ чырпы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРПЫ** Кичине, анча-мынча өөнөө, өөнөп кесүү же анча-мынча жаңсап тийип кетүү, жанып кетүү. *Ашым ыргыткан тобурчак чымчыктын оң канатынын учун чырпып өттү* (Сыдыкбеков).

**ЧЫРПЫК** Бак-дарактын майда бутактары. *Чүй суусунун наркы өйүзүндөгү токойдон кыркылган чырпыкты ташуу кыйын болду* (Сасыкбаев). *Турпан талды кертипкертип арыктын жээгине сайып койсоң, чырпыктарын дүпүйтүп көктөй берет* (Сыдыкбеков).

**ЧЫРПЫК БАШЫН СЫНДЫРБОО** *к.* **куурай башын сындырбоо.**

**ЧЫРПЫЛ чырпы** этишинин туюк мамилеси.

**ЧЫРПЫНДЫ** *диал.* Кандайдыр бир нерсенин чырпып кесилгени, үзүндүсү.

**ЧЫРПЫТ чырпы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРТ** Чытырап жарылгандай же чыйт эткендей кыска кескин, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Муз жарылып чырт этти. Данияр жай гана чырт түкүрүп коюп, арабасын көздөй басып кетти* (Айтматов).

**ЧЫРТ ДЕЙ ТҮШҮҮ** Жактырбаган мүнөздө кыялын тез өзгөртүү, таарына түшүү. *Гүлнар энесинин бул кебин жактырбай чырт дей түштү* (Сыдыкбеков). **В.: Чыртыя түшүү.** *Кумаркандын сөзүн кулагы чалып калган Суусар чыртыя түштү* (Байтемиров).

**ЧЫРТ КЕСҮҮ** Шарт кесип алуу, ылдам, чарт кесүү. *Мектептин аймагында жок чөп кездешип калдыбы, Мукай аны сабагынан чырт кесип алат же түбүн чукуп кирет* (Таштемиров).

**ЧЫРТЫЙ** Жактырбаган мүнөздө боло түшүү, жактырбаганын билдирип, кыялын тез өзгөртүү, таарынуу, теригүү, керкейүү. *Кумаркандын сөзүн кулагы чалып калган Суусар чыртыя түштү* (Байтемиров).

**ЧЫРТЫЙМА** Чыртыйып көп нерсени жактыра бербеген мүнөз. *Начар адамдын бир мүнөзү – чыртыйма.*

**ЧЫРТЫЙТ чыртый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРТЫЛДА** 1. Чырт-чырт эткен дабыш

чыгаруу. *Муз чыртылдап жарыла баштады.* 2. *өт.* Жактырбаган мүнөздө чукул кыял көрсөтүү. *Сатуучу чыртылдай баштады* (Каимов).

**ЧЫРТЫЛДАТ чыртылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРТЫЛДОО чыртылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРТЫЮУ чыртый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРЧЫЛ** Чыр чыгарганды жакшы көргөн, урушчаак, чатак. *Күйөөң чырчыл көрүнөт, Эми болушка күндө чакырат* (Токтогул).

**ЧЫРЫЛДА** 1. Чыр-чыр этүү, чыр-чыр эте безеленген ачуу дабыш, үн чыгаруу. *Алды жагыбыздан канатын эбелектетип чырылдап түшүп келаткан торгойду көрдүк* (Жантөшев). *Кез-кезде гана чырылдаган чегирткенин табышы угулат* (Жантөшев). 2. Чыркыраган ачуу үн чыгаруу, чыркырап ыйлоо, безилдөө. *Чырылдагандай болсо, Актамак байбиченин үнү басылбай коктуну башына көтөрдү* (Сыдыкбеков).

**ЧЫРЫЛДАТ чырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫРЫЛДАШ чыркыраш** менен бирдей.

**ЧЫРЫЛДОО чырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫРЫМ I: чырым этүү** Кичине, бир аз уктап алуу, азыраак уктап ала коюу. *Чырым этип уйку албай* («Семетей» С.К.). *Ат үстүндө ат жалын кармап чырым эткен болобуз* (Жантөшев).

**ЧЫРЫМ II** Карта кагазынын бир түрү, чытыр.

**ЧЫРЫМТАЛ I** 1. Жаңы төрөлгөн жаш баланын денесиндеги же канаттуулардын балапандарынын денесиндеги сары түк. *Чырымтал жүнү чылк алтын, Текөөрү болот темирден* («Семетей»). 2. *өт.* Жаш, өсүп жетиле элек кез. *Чырымтал эсен бой жетсе, Чыгарат го өнөрдү* («Эл адабияты»). *Ал кезекте мен чырымтал, сен кырчын* (Бөкөнбаев). *Чырымтал кезде жаңылтып, Жалганчы кылар тилимди* («Курманбек»).

**ЧЫРЫМТАЛ II** *диал.* 1. Көбүнчө суу бойлорунда өсүүчү жапайы талдын бир түрү. 2. Самоорго жагуу үчүн майдаланган жыгач.

**ЧЫРЫЧ** Тамыры желүүчү өсүмдүк. *Койгулашып жатышып, Койбоду өскөн чырычты.*

**ЧЫРЫШ чыраш** менен бирдей.

**ЧЫТ I** Пахтадан жасалып, түр салынган же бүт боёлгон жука кездеме. *Берди белине илинген кызыл чытты суурup кызына ыргытты* (Жантөшев). *Бурма чыт көйнөгүнүн үстүнөн саймалуу белдемчисин тартынган* (Каимов).

**ЧЫТ II: быт-чыт** *к.* **быт.**

**ЧЫТ КУРСАК** Курак аталыштары боюнча ымыркай менен тестиердин ортосундагы, бир жаштан алты-жети жашка чейинки балдардын курагынын аталышы. *Жаныш экөөбүз чыт курсак кезибизден чыбыкты ат кылып минип, көпөлөк кууп бирге өскөнбүз* (Саатов). *Чыт курсактарды кайсы ырчы тоотуп, ушундай зоок курчу эле* (Бейшеналиев).

**ЧЫТКУЙРУК** *диал.* Ителгинин куйругу ичке, сополураак келген бир түрү.

**ЧЫТЫ** Бүркөлүп туруу, ачык, жарык болбой, түнөрүңкү тартып көрүнүү, кабак тырыштыруу. *Кемпир кабагын чытып, баласына карады* (Байтемиров). *Каныбек кабагын чытып, жаралуу санын эки колу менен мыкчый кармап отурган эле* (Жантөшев).

**ЧЫТЫЛ чыты** этишинин туюк мамилеси. *Күн чытылып турат.*

**ЧЫТЫР I** 1. Уулуу чөп. *Беш уй уугуп өлүптүр, чытыр жесе керек* (Байтемиров). 2. Карта кагазынын бир түрү, чырым.

**ЧЫТЫР II: чытыр-чытыр** Абдан чыңалып чыгуудан, ашкере чыңалып кетүүдөн кычырагансып чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

**ЧЫТЫРА** 1. Чытыр-чытыр эткен дабыш чыгаруу, ашкере чыңалып кетүүдөн чытыр-чытыр этүү. 2. Кычыроо, кычырап өтө катуу болуу (көбүнчө суукка карата). *Кышкы түндүн чытыраган суугуна карабастан денебизден тер кетип, беттерибиз ысып чыкты* («САЖИ»). 3. Абдан чыңалуу, толуу, чытырап жарылчудай абалга жетүү. *Уйлардын желиндери чытырап, казандай болуп теңселе басып келишет* (Бейшеналиев). 4. *өт.* Менменсинип, көбүңкү абалда болуу.

**ЧЫТЫРАП ТУРГАН КЕЗИ** Болуп-толуп, менменсинип, бардык жагынан жетишип турган кези. *Анын эмнесин сурайсың, азыр чытырап турган кези* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧЫТЫРАТ чытыра** этишинин аркылуу мамилеси. *Алмаз каптын оозун чытырата бекем байлады.*

**ЧЫТЫРМАН** Өтө калың, жыш (токойго карата). *Чытырман токойлору адамды суктандырат* (Абдукаримов). *Тыяк жагындагы карарып жаткан калың бак, өзүнчө чытырман токой* (Убукеев).

**ЧЫТЫРМАНДУУ** Өтө жыш болгон, чытырман болуп калган.

**ЧЫТЫРОО чытыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫТЫЮУ чытый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧ** 1. Заңдоо. 2. *өт.* Бүр байлоо, жаңыдан бүр ача баштоо; жаңыдан кылтыйып өнө баштоо (мис. талдын бүчүрлөрү). 3. *өт.* Абдан коркуу, абдан коркуп кетүү.

**ЧЫЧАЙ** 1. Сербейүү, сербейип чыгып туруу. *Кулуңдөгөн тегерек көздүү, жээрде сакал, муруттары чычайган кызыл киши – үй ээси Салык* (Каимов) 2. *өт.* Керейүү, бой

көтөрүп дердейүү. *Эриң ферме болгондон бери чычайып эле көктү карап калдың го* (Байтемиров).

**ЧЫЧАЙТ чычай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЧАЛА I** Чала күйгөн отун, күйүп бүтпөгөн чырпык, бир тал отун. *Түтөп жаткан чычалаларды эки киши аралай басышты* (Абдукаримов). *Чычала өчөрүндө жарык күйөт* (макал).

**ЧЫЧАЛА II** Өзүнө карата айтылган сөздү, сынды көтөрө албоо, кызырандоо, айтылгандарды жокко чыгарууга танууга аракеттенүү. *Чычалабай экөөбүз, Чындыкты таап берели* (Осмонкул). *Сени жолдошторуң сөзгө алып, кичине тамаша кылып, күлүп отуралы дешсе, сен чычалап кеттиң, Балта* (Байтемиров).

**ЧЫЧАЛААК** Тез чычалай турган, сынды, тамашаны көтөрө албаган. *Балтанын тышкы көрүнүшү көлпөйүп турган менен чычалаак, катуураак тамашалап койсо урушууга чейин барат* (Байтемиров).

**ЧЫЧАЛААКТА** Чычалай берүү, чычалактык кылуу.

**ЧЫЧАЛААКТАТ чычалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЧАЛААКТОО чычалаакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧАЛАК чычалаак** менен бирдей.

**ЧЫЧАЛАТ чычала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЧАЛОО чычала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧАҢ** 1. Өсүндү сыяктанып кеткен эң акыркы куйрук омурткалары. 2. Эчкинин куйругу. *Эчкилер чычаңын чычайтып, аскага чыга качышты* («Жомоктор»). 3. *өт.* Арты, эл арты.

**ЧЫЧАҢДА** Куйругун серендетүү, куйругун серейтип чуркоо, секирүү. *Уйлар токтолбой, күн ысыганда куйругун шыйпаңып, чычаңдап, сайгактай баштады* (Элебаев).

**ЧЫЧАҢДАТ чычаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЧАҢДОО чычаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧАЮУ чычай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧАЯ КАЧУУ** Тезинен ыраактап качуу, жолобой качуу. *Андай адамдар турган жерден чычая каччу* (Кыдырмышев). *Чыйраксынган эр Толтой Чычая качып жоголду* (фольк.). *Калпты чындай айтса, чындык чычая качат* (макал).

**ЧЫЧАЯ ТАНУУ** Эч мойнуна албоо, жакын жуутпоо. *Чычая танып чыга берди. Курманаалы өгүздү алган жокмун деп чычая танды* («Жомоктор»).

**ЧЫЧКАК** 1. Аш казандын бузулушунан пайда болгон ич оору, ич өткөк. 2. Ичи көп өтүүчү, ич өткөк оорусу бар.

**ЧЫЧКАК АЙДАГЫР** Көбүнчө балдарды тилдөө, жемелөө иретинде колдонулат. *Чычкак айдагыр, ушунун азабы өттү деп, жеңем кейий кетти* («Ала-Тоо»).

**ЧЫЧКАК УЛАК АЛБОО, БЕРБӨӨ** Эч нерсе албоо, бербөө, куру кол калтыруу, эч нерсе ыраа көрбөө. *Жыл он эки ай иш кылып, Чычкак улак албаса* (Токтогул).

**ЧЫЧКАКТА** Ичи өтүү, ич өткөк менен ооруп калуу.

**ЧЫЧКАКТАГАН ЧИЛ КӨЗДӨНГӨН** Көзү китирейип, тиртейип өтө кыйналган кебетеде деген мааниде колдонулат. *Чычкактаган чил көздөнүп араң турат.*

**ЧЫЧКАКТАТ чычкакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧЫЧКАКТОО чычкакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЧЫЧКАН I** 1. Тумшугу ичкерээк келген, узун куйруктуу, көбүнчө боз түстөгү кемирүүчү жандык. *Карышкырды сынасаң улак байлап кой, чычканды сынасаң каптагы унга капкан салып кой* (Жантөшев). 2. Эски эсеп боюнча айбандардын атынан түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебинин биринчи жылынын аты. *Чычкан жылы.*

**ЧЫЧКАН II** *инф.* Алакан өлчөмүндөгү кичинекей түзүлүш, аны үстөлдүн үстүнө кыймылдатуу менен экрандагы көрсөткүчтүн жылышын башкаруучу компьютердин тетиги.

**ЧЫЧКАН КӨРСӨТКҮЧҮ** Бул көрсөткүч көп учурда жебе түрүндө чагылдырылган символ деп аталат.

**ЧЫЧКАН КУЙРУК** Сабагы ичке, бою узун келген, чычкандын куйругу сымал бутак алган көгүш күрөң чөп.

**ЧЫЧКАН КУЛАК** 10–15 *см* терендиктен өсүп чыккан эки жалбырагы кичинекей келип, түктүү болуп, ачаланып, мандалактын гүлүндөй гүл алып өскөн өсүмдүктүн аты.

**ЧЫЧКАН МУРДУ ЖОРГОЛОГУС** Абдан калың, өтө жыш, чытырман. *Бир туруп ал чычкан мурду жорголого бадал этегин көбөөлөгөн токойго барат* (Медетов). *Майда бучурлөр бири-бирине чырмалышып, чычкан мурду жорголоогус болуп бүтөлүп калган* («Ала-Тоо»). **В.: Чычкан мурду жөргөлөгүс.** *Ал беш квадрат километр жердеги чычкан мурду жөргөлөгүс чытырман токой, таш жана кумдуу жээкте турат* («Кыргызстан маданияты»). **Чычкан мурду өткүс.** *Көк жашыл, чычкан мурду өткүс жыш бадал* (Касымбеков).

**ЧЫЧКАН МУРДУН КАНАТПОО** Мал сойбоо, түк эт көрбөө, кан чыгарбоо. *Борбордогу окуудан балдарың келип отурса, чычкан мурдун канатпасаң уят эмеспи* (Бейшеналиев). *Кызын узатып жатып, чычкан мурдун канатып койбоптур* (Абдукаримов). *Короодо малы толуп турса да чычкан мурдун канатып көргөн жан эмес* («Ала-Тоо»).

**ЧЫЧКАН ТЕРЕК** *диал.* Сүргөндө кабыгы былжырап кете турган теректин түрү.

**ЧЫЧКАНГА КЕБЕК АЛДЫРБАГАН** Абдан зыкым, аябагандай сараң, өтө сак, аяр. *Чычканга кебек алдырбаган немелерди каччанга чейин имерчиктейбиз?* (Үмөталиев).

**ЧЫЧКАНГА КЕБЕК АЛДЫРБАГАН** Абдан зыкым, аябагандай сараң, өтө сак. *Чычканга кебек алдырбаган немелерди качанга чейин имерчиктейбиз, баары бир булардан эч нерсе чыкпайт* (Ш.Үмөталиев). *Чычканга кебек алдырбаган зыкым байлар ушу сууну да бизге ыраа көрбөй, колунан келсе булак башына таш бастырып, мөңгүдөн кулаган сууну бөгөп, пулга алмаштыргандан кайра тартышпайт го* (Матисаков).

**ЧЫЧКАНДАЙ** Кичинекей, кенедей. *Жиниңди келтирип эмне кыласың чычкандай балага?!* (Байтемиров).

**ЧЫЧКАНЧА ТАШУУ** Кичинеден, акырындан, астыртан деген мааниде. *Анын чычканча ташыганын эсепке албаганда, атасынын күнүмдүк олжосу ашык аттырчу* (Ашымбаев).

**ЧЫЧКАНЧЫ** *диал.* Начар бүркүттүн бир түрү.

**ЧЫЧКЫ** 1. Зандагысы келүүчүлүк. 2. *өт.* Чыдамсыздык, чыдабагандык. *Чычкысы кайнады. Чычкысы кырылып калды.*

**ЧЫЧКЫ БАСААР** *диал.* Тамак бышканча, эл (чогуу тамактануучулар) чогулганча бир аз бир нерсе шам-шум этип алуу.

**ЧЫЧКЫЛУУ** Чыдамсыз, шашма, чыдамы жок. *Чычкылуу жигит.*

**ЧЫЧКЫЛУУЛУК** Чыдамсыздык, шашмалык.

**ЧЫЧКЫСЫ КАЙНОО** *сүйл.* Чыдамы кетүү, өтө чыдамсыздык менен күтүү. *– Болчу, чычкысы кайнап баратат бейм? Ме, көнөчөктү* (Осмоналиев).

**ЧЫЧКЫСЫ УЛУУ** Улуу кишилерден мурда чыдамсызданып тамакка кол салгандарды келекелөө, шылдыңдоо, жемелөө иретинде, ал эми балдарга кечиримдүүлүк менен айтылат. *Чыйпылдатпай салып бере берчи, баланын чычкысы улуу болот.*

**ЧЫЧТАЙ** **чыштай** менен бирдей. *Балам, үстүңдү бүт жаңыртып, чычтай болуп кийинипсиң* («Чалкан»).

**ЧЫЧЫМ** *сүйл.* Тентек, бейбаш, шок. *Шашпа, чычым, сенин көзүңдү ачпасамбы!* (Бейшеналиев).

**ЧЫЧЫР** 1. **чыч** этишинин аркылуу мамилеси. 2. *өт. сүйл.* Коркутуу, абдан коркутуу, кыстоо.

**ЧЫЧЫРКАЙ** *анат.* Ичегилерди туташтырып туруучу жука чарым.

**ЧЫЧЫРКАЙ МАЙ** Ичегилер менен туташкан бездүү май.

**ЧЫЧЫРКАНАК** Топ-топ жана узун болуп өсүүчү, мөмөсү бар тикенектүү бадал өсүмдүк. *Туп-туп чычырканак дүпүйүп, бүрдөп турган бирин-серин сары тал менен жылгын көрүнөт* (Сыдыкбеков).

**ЧЫЧЫРКАНАККА БӨЛӨӨ** *тар.* Көбүнчө күйөөсүн чанган аялды же чоң күнөө кылган адамды киймин чечиндирип, чычырканакка жаткырып, сууга салып сабата турган жазалоонун, кыйноонун эң оор түрү. *Чычырканакка бөлөгүлө, качанаак немени, – деп Бүкөн заарканa, зиркилдеп карап турду* (Сыдыкбеков). **В.: Чырканакка бөлөө.** *Ал кезде далай шордууну чырканакка бөлөп жазалоочу экен* («Ала-Тоо»).

**ЧЫШ** *диал.* Баланы бешиктен чечип тозгондо айтылчу сырдык сөз.

**ЧЫШТАЙ** *сүйл.* 1. Нак, накта, бүт, толук. *Акчаны чыштай эле санап бердим.* 2. Таза, мыкты (көбүнчө кийим жөнүндө). *Түбүн сурап тартуудан да иймендим. Сүрү болот «чыштай» кийим кийгендин* (Чоробаев). *Чыштай кийинүү.*

**ЧЭЭН** Кээ бир айбандардын (мис. аюу, суур ж.б.) же курт-кумурскалардын кыш бою аракетсиз, жата турган жайы, үңкүрү, ийини. *Тоо башына кар түшүп, суурлар чээнге кирди* (Жантөшев). *Курт-кумурска да чээнден чыгып кыймылга келди* (Убукеев). *Чээнге киргендей үч жыл ичинде Арууке бирөөлөр менен болгон катышын токтотту* (Стамов).

**ЧЭЭНГЕ КИРГЕН СУУРДАЙ** (аюудай) Эч аракет кылбай, тиричиликтин камын ойлобой жата берүү; бейгам жүрө берүү деген маанилерде колдонулат. *Тегеректе эл да жок, үч түтүн үй гана карга тыгылып, чээнге кирген суурдай жата беребиз* (Айтматов).

# Ш

**ШАА I** 1. **шах I** менен бирдей. 2. Өкүмдар, башкаруучу. *Кырмуз шаа угуп алганы* («Манас» С.О.). *Дөрө жайсаң, Кемен шаа* («Манас» С.О.). 3. *өт.* Мансаптуу, белгилүү, кадырлуу, даражалуу кишилер, улуктар. *Дөөдөй, шаадай сакалдуулар отурушса, аларды көзүңө илбей, сен эмне болгонсуң?* (Жантөшев).

**ШАА II:** Ал, күч, дарман, кубат, мүмкүнчүлүк. *Шамалы алма жыттанып, Шаа жетпей калат түшүмгө!* (Токтакунов). *Аны аткарууга шааңар жетеби* (Абакиров). *Ачылган пахталарды жыйноого шаа жетпей, мектеп окуучулары жардамда жүрөт* (Бобулов). *Шаа жетпеген, али чети оюлбаган байлыктарын санап өттү* (Ашымбаев). *Эгерде трактор, комбайн сыяктуу машиналар болбогондо, чарбага шаабыз жетпей калмак экен деп, карыя оюнда жүргөндөрүн сүйлөй отурду* (Убукеев). *Ырас, анча-мынча киреше кирген, бирок аларды башкарууга шаасы келген эмес* (Ашымбаев).

**ШААБАЗ** 1. Ылаачын, шумкар, куш төрөсү. 2. *өт.* Азамат, эр, баатыр. *Жолду бергин баатырга, Жоо качырган шаабазга* (Эл ырлары).

**ШААБАЙЫ СУУ** Шагы сынуу, көңүлү калуу, деси кайтып, тартына түшүү, сынып калуу. *Шаабайы сууган Мукаш кетенчиктей берип, көгөндөгү ак козуну чечип келди* («Жаш ленинчи»). *Аны менен аркы-беркини сүйлөшүмүш болуп, шаабайын байкай кел* (Сыдыкбеков). *Абамдын шаабайы сууганын көрүп, өзүнүн да өңү өчө түштү* («Кыргызстан маданияты»). *Езеф ошондо шаабайы сууп, Ланичектен көңүлү кайт боло түштү* (Ашымбаев).

**ШААДАТ** Күбөлүк, күбө болуу.

**ШААЗААДА** Төрө баласы, кан баласы. *О, Карабек шаазаада, колдогонуң зор экен, күлүгүң чыгып даңк алды, кылданган жетимиш буудан ичинен* (Касымбеков).

**ШААЛ: көк шаал** Куштун кайыштан, көктөн жасалган боосу.

**ШААМАРА** *диал.* Жыландын пири, жыландын эң чоңу. *Шаамараны жесе айыгат дептир.*

**ШАА МҮЙҮЗ** 1. *аңч.* Жашка толгон теке. 2. Каркайган узун мүйүз, мүйүзү чон. *Буудайчы арабага кошкон шаа мүйүз эки кызыл өгүздү сабалап айдап жүрүп ошурду* («САЖИ»). *Кызыл-Көлдүн аркы бетинде жайылган шаа мүйүз өгүздөр алардыкы эмей кимдики* (Баялинов). 3. *өт.* Мансаптуу, даражалуу, атактуу. *Эки кызматчы шаа мүйүздөргө көз жүгүртүп чыкты* (Каимов). *Шагыраган шаа мүйүздөргө сый тамак уюштурууга Калмурат жанын аябай, шайдоottоно камынды* (Бейшеналиев).

**ШААНА** *диал.* Пахта гүлү.

**ШААНИ** 1. Көрк, даңаза, салтанат, шаң. *Саймадай гүлдөр жадырап, Шааниге салган жылганы* (Бөкөнбаев). *Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын! Шааниси сенсиң асмандын* (Бөкөнбаев). *Ашпозчунун шааниси, Калемпир менен мурч жакшы* (Токтогул). *Сарамжалы шаанилүү, Үйүнүн ичин гүл кылат. Сүйүп алган жар менен, Бүт тилегин бир кылат* (Тоголок Молдо). 2. Салт, ык, ар нерсенин жөнү. *Тигине, кагылайын, өкүрүп кой, өлүк шаанисин кылып кой, кагылайын* (Касымбеков). *Ар нерсени өз шааниси менен кылган оң* («Ала-Тоо»).

**ШААНИЛЕН** Сулуулануу, көрктөнүү, көркүнө чыгуу, кулпунуу, шаңдуу.

**ШААНИЛЕНТ шаанилен** этишинин аркылуу мамилеси

**ШААНИЛЕНТҮҮ шаанилент** этишинин кыймыл атоочу.

**ШААНИЛҮҮ** Шааниси бар, шаңдуу. *Шаанилүү, сөөлөт күткөн эркин элим, Кубанып жаңы жылың куттуктаймын!* (Бөкөнбаев). *Эмнеси болсо да, айылдан окчун эки үйгө ушул терек кадыресе шаанилүү көрүнүп, жарашып турат* (Каимов). *Шаанилүү көгүш сайман бар, Шаркырап аккан дайраң бар* (Токтакунов).

**ШААН-ШӨКӨТ** Шаң, салтанат. *Купуяны төркүндөрү күйөөгө бергенде чоң шаан-шөкөттөр менен узатты* (Токомбаев). *Шаан-шөкөт, шарактаган Кечелери бир сонун* (Бөкөнбаев). *Окуучулардын шаан-шөөкөттүү оюндарынан кийин, кечке жуук...* (Айтматов). *Ордонун шаан-шөкөтүн, зыяпатын көрүп, көп журт кайтты* (Касымбеков).

**ШААР** Административдик, өнөр жай, соода жана маданий борбору, кыштакка караганда калк көп орношкон ири пункт. *Бишкек шаары. Борбор шаарлар.*

**ШААРДЫК** 1. Шаарда туруучу, шаарда жашаган. *Шаардык адам. Шаардык студенттер.* 2. Шаарга таандык. *Шаардык комитет. Шаардык совет.*

**ШААРЛЫК шаардык** менен бирдей.

**ШААРЧА** Чакан, кичине шаар, шаар тибиндеги эл отурукташкан жай.

**ШААРЫ БУЗУЛУУ** Үй-бүлөчүлүктөн кетүү, ажырашуу же жубайлардын бири кайтыш болуп, үй-бүлө бүлгүн-чачкынга учу-

роо. *Ошондо Сейдеке менен Айша Осмонкулдун турмушу оңунан чыкпай, шаары бузулуп турганына жүрөк сыздатпай коё алышпады* (Өгөбаев). *Эр ортону болгондо шаары бузулган оңойбу, булардыкы кыйын иш болду* («Ала-Too»).

**ШААТЫМ** Тыт дарагынын бир түрү.

**ШАБАТА шапата** менен бирдей.

**ШАБАШКА** *сүйл.* Негизги жумуштан сырткары кошумча жумуш, кошумча акча табуу.

**ШАБДААЛЫ** Жылуу жактарда өсүүчү мөмө дарагы жана анын жумшак, ширелүү келген, данеги одуракай, саргыч же кызгылтым тартып бышкан мөмөсү. *Шабдаалы дарагынын суукка байымы жок, андыктан аны ыктоо жерге отургузуу зарыл* («Кыргыз Туусу»). *Сары анжир, кызыл анар, ууздай ак шабдаалы бышкан* (Касымбеков).

**ШАБИЕТ** Кыргыз оюндарынын бир түрү. Муну өспүрүм балдар менен боз уландар, түз, көбүнчө чөбү кыска жумшагыраак жерлерге үч-үчтөн, төрт-төрттөн болуп жаатташып ойношот. Тегерек чийиндин сыртындагылар ичтегилерди камап кол салышат, ичтегилер буттарын жазгап коргонушат. *Шабиет ойноп даң салып* («Семетей» С.К.). *Шабиет оюн, оромпай, Болуп турган кезинде* («Манас»).

**ШАБЛОН** 1. Буюмдарды жасоодогу үлгү, калып, нуска. 2. *өт.* Бир нерсени иштөөдө адат катары колдоно берме, ойлонбой, өзгөртпөй туурай берме үлгү, штамп.

**ШАБЫР I** Саздуу жерлерде чыгуучу майда камыш. *Шабырдан аңыр учурбай, Шашканда үчтү атчу элең* («Эр Табылды»).

**ШАБЫР II** Камыштуу жер. *Шабырлаган жорго минип жүрсөм да, Эмнегедир толбойт бир жак өңүрүм* (Маймулов).

**ШАБЫР III: шабыр-шубур** Камыштуу, куурайлуу, калың чыккан чөп-чардуу жерди аралаганда чыккан дабыш.

**ШАБЫРА** Шабыр-шубур эткен дабыш чыгаруу. *Катуу шабыраган табыш чыга түштү* (Сыдыкбеков). *Шабырап калың дарак жүгүнүшөт* (Бөкөнбаев).

**ШАБЫРАТ шабыра** менен бирдей.

**ШАБЫРЛА шабыра** этишинин туюк мамилеси.

**ШАБЫРЛУУ** Майда камыш өскөн, шабыры көп. *Шабырлуу көлдү жээктеп жекен терип жүрүшөт* (Калык).

**ШАБЫРОО шабыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАБЫРТТАТ** Шабыраган, шабыр-шубур эткен үн чыгаруу, дабыш чыгаруу. *Камыш аралаган уйдай шабырттатып жеп кирдиңер го, жигиттер, – деп сакалын кытмыр сылады* (Каимов). *Кунан калың ат кулакты шабырттатып, туура жакка бет алды* (Юдахин).

**ШАГДАМ** 1. Тез, бат. *Шагдам басырып, тез эле өз айлына жетип келди* («Адабий Ала-Too»). 2. Жайдары, шайыр, шайыр-шат. 3. Тың, чыйрак, өткүр, курч, ишенимдүү, батыл. *Жарды келсе жанына, Жардам кылган жакшы экен. Жалгыз келсе сүрөөлөп, Шагдам кылган жакшы экен* (Барпы).

**ШАГЫЛ** 1. Майда таш. *Шагылы болбой зоо болбойт, Шайыры болбой эл болбойт* (макал). *Тоо теке шагылды шалдырата куланып келип, койчунун түшүна жатып калды* (Сасыкбаев). 2. Көмүрдүн ушул сыяктуу майда кесектери. *Кайло урчукка тийип, көмүр шагылына урунуп, аңкилдек атты* (Сасыкбаев).

**ШАГЫЛДУУ** Майда таштуу, майда шагылы, ташы көп. *Шагылдуу жолдо жөө келген буттар талыкшыйт* (Абдукаримов).

**ШАГЫН СЫНДЫРУУ** Көңүлүн калтыруу, катуу уят кылуу, кордоо, ыза кылуу. Ушунча *жакшылардын көзүнчө какшанган жесирдин кошогу шагымды сындырды э..э..* (Сыдыкбеков). *Бир жагынан «Букара топту» көп алдында шагын сындырып, кемсинтүү бар* (Үмөталиев). *Кемпир кызды эч күнөөсүз жерден тилдегендей сезилди, шагын сындыра какканын жактырбадым* («Ала-Too»). *Таштанбек чал жүйөлүү сөзгө такалып, шагы сына түштү* (Убукеев).

**ШАГЫРА** 1. Урунуу, кагылуу аркылуу калдыраган дабыш чыгаруу (ташка же башка катуу, кесек нерселерге карата). *Баарыбыздын чөнтөгүбүздө шагыраган чүкөлөрүбүз бар* (Баялинов). 2. *өт.* Өтө көп болуу, топтолуп, жыйылып туруу, тизилип туруу. *Кызыл чоктордун кылычтары керегеде шагырап илинип турат* (Элебаев). *Шагыраган калың эл.*

**ШАГЫРАТ шагыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАГЫРАШ шагыра** этишинин кош мамилеси.

**ШАГЫРОО шагыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАГЫ СЫНУУ** Катуу уят болуу, ыза болуу, деси кайтуу. *Шагы сына түшкөн наристе кыз улутунуп тим болот* (Бердикеев). *«Өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей, шагы сынып, көчөгө араң эле сыйып баратткансыйм* (Саатов). *Эл алдында шагыңар сынбай, тетиги чыгып келаткан күндөй жаркырап жайнап жүргүлө* (Жантөшев).

**ШАДАНА** Баалуу жибек кездеменин түрү. *Шадана бото курлардан* («Манас» С.О.).

**ШАДЫ** 1. Колдун манжаларынын бүктөлүүгө, жумулууга ылайыкталган муундарынын узундугу. *Шадылуу апакай манжаларына кара бермет көздүү алтын шакек куп жарашып турат. Ыраазычылыгын, кубанычын билдиргендей шадылуу колдору менен Айгүлдүн колдорун кыса-кыса кармады* (Жейренбаева). 2. Колдун

манжалары. *[Дмитрий] барбайган шадылары менен мурутун жанып-жанып алып, кайраттуу айтты* (Сыдыкбеков). 3. *диал.* **шаты** менен бирдей.

**ШАДЫ АРАБА** Ырдыванды (капталы) бийик, бийик тосмолуу, чабактары көп араба. *Карыган атам жыгач уста, колхоздун шады арабасы ушул кишинин колунан чыгып турат* (Айтматов).

**ШАДЫЛУУ** Узун манжалуу, шадылары узун. *Тенти шадылуу колун Кычандын тизесине койду* (Бейшеналиев).

**ШАЙ I** Ал, күч, кубат, дарман; абал. *Баскан сайын тизеге чыккан күрткү анын шайын кетирет* (Байтемиров). *Эрмектин шайын айтайын: Эрдиги күчөп толуптур* (Тыныбеков). *Ойдо жок жерден каралап, Оодарган сенсиң шайымы* (Алмазбеков).

**ШАЙ II** Бардык жагы сонун, ойдогудай. *Калкы менден бай бекен, Камылгасы шай бекен?* (Тыныбеков). *Дүмбөлөмө беш бармак, түркүн оокат шай келди* (Ж. Алыбаев).

**ШАЙ III** **шайы** менен бирдей.

**ШАЙ IV** Таразанын тендегич ийини же тили, жебеси. *Ал (Карабек) Жаркынай менен Ленаны бир-бирине салыштырып, кыял таразасына коёт. Канткен менен күнүгө бетме-бет келип жүргөн Лена таразанын шайын баса баштаган өңдөнөт* (Сулайманов).

**ШАЙБА** 1. *тех.* Гайка буроонун алдына коюлуучу эбелек. 2. *спорт.* Хоккей оюнунда колдонулуучу оор салмактуу тегерек желим.

**ШАЙБЫР I** Жылкынын жорго жүрүшү, басыгы. *Арчатору буудандын Шайбырына төндүрүп, Басыгына көндүрүп* («Эр Табылды»). *Жүргөн сайын Керкашка, шайбыры чыгып кызыды* (фольк.).

**ШАЙБЫР II** Асый боло элек кунан, бышты байталдардын тепкич-тепкич болуп кыркылган куйругу. *Тай-кунандардын куйруктары шайбыр кыркылсын.*

**ШАЙБЫРЛА** **шайбыр I** жүрүшүн салуу, жорголоо. *Шайбырлай түшүп жорголоп, Үстүнөн суусу шорголоп* («Семетей»).

**ШАЙБЫРЛАН** **шайбырла** этишинин өздүк мамилеси. *Камалбек чоочун кишилердин көзүнчө бужүрөп басканы менен киши жок жерде шайбырланган аттай кете турган* (Юдахин).

**ШАЙБЫРЛАНТ** **шайбырлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЙБЫРЛАТ** **шайбырла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЙДООТ** Шамдагай, кыймыл-аракети чыйрак; куунак. *Кызматка шайдоот камданса, Эмгек менен эл гүлдөйт* (Токобаев). *Ашыр аке тоют жөнүндө бирдемелерди айта баштаганда, шайдоот баскан келин сарайдан чыга келди* (Убукеев).

**ШАЙДООТТОН** Чечкиндүү, кайраттуу болуу, белсенүү, шайма-шай көрүнүштө болуу. *Шаңдуу күндө шайдооттонбой Эр-азамат турабы!* (Маликов). *Жөө кишилер шайдооттонуп, станциядан узап чыгышты* («Ала-Тоо»).

**ШАЙДООТТУК** Жайдарылык, көңүлдүн көтөрүңкүлүктүүлүгү, кыймыл-аракеттин чыйрактыгы, куунактыгы, ылдамдыгы.

**ШАЙКА** 1. Кандайдыр бир кылмыштуу иш үчүн бириккен адамдардын тобу. *Уурулардын шайкасы. Бандиттердин шайкасы.* 2. *өт.* Өзүн жактоочулардын, каалоочулардын, колдоочулардын тобу. *Шайкаларың менен келип калыптырсың го* (оозеки).

**ШАЙКЕЛЕҢ** Жеңил мүнөз, тентек, шок, сөзүндө, ишинде туругу жок. *Шайкелең кыздай көрбөсүн Энем менин өзүмдү* (Жантөшев).

**ШАЙКЕЛЕҢДЕН** Тентектик кылуу, шоктук кылуу, жеңил мүнөздүүлүк кылуу, ээнбаштык жасоо. *Шайкелеңденбей шук турчу, бай болгур.*

**ШАЙКЕЛЕҢДИК** Тентектик, шоктук, ээнбаштык; жеңил мүнөздүүлүк.

**ШАЙ КЕЛҮҮ** Туура келүү, ылайык келүү. *Анын жүзү тамылжыган, шай келет, Азыр эле айтып жаткан сөзүнө* (Токомбаев).

**ШАЙ КОЛДОГОН** *к.* **шаймерден.** *Атасын тартса кулунум, Шай колдогон шер болот* («Манас»). *Манастын уулу эр Семең, Шай колдогон эр немең* («Семетей»).

**ШАЙКЕШ** Эп келген, туура келген, ылайыкташкан. *Жаман чырактын жарыгына шайкеш келгенсип, бардыгы кайгылуу көрүнүшкө жымжырт* (Жантөшев). *Карып эки ойдун шайкеш келгенине аябай таң калып, күлүмсүрөдү* (Абдукаримов).

**ШАЙЛА I** Добуш берүү аркылуу кандайдыр бир кызматка, депутаттыкка ж.б. көрсөтүү, дайындоо. *Эмгекчинин эркиндигин каалаган, Эл жактырып эпкиндүүдөн шайлаган* (Барпы).

**ШАЙЛА II** Даярдоо, камдоо, дайындоо, белен кылуу. *Камданды биздин чал дагы. Үрөнүн камдап, сокосун шайлап* (Борбугулов). *Кынсыз кылыч байланып. Болот чокмор колго алып, Күл азыгын шайлады* («Эр Төштүк»).

**ШАЙЛАН** **шайла** этишинин өздүк мамилеси.

**ШАЙЛАНУУЧУ** Шайлоодо шайлана турган, шайлоого кандидатурасы көрсөтүлгөн киши.

**ШАЙЛАТ** **шайла** этиштеринин аркылуу мамилеси.

**ШАЙЛАШ** **шайла** этишинин кош мамилеси.

**ШАЙЛОО I** Шайлануучуларды көпчүлүктүн (шайлоочулардын) добушуна коюу аркылуу депутаттыкка же башка кызматтарга өткөрүү, бекитүү жолу.

**ШАЙЛОО II** **шайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЙЛООЧУ** Шайлоого катышуучу, шайлоого укугу бар адам.

**ШАЙМАН I** Бир нерсе өндүрүүгө, куруу-га, жасоого ж. б. колдонулуучу эмгек куралдары, жарак-жабдык. *[Чаргын] шаймандарды бышыктап, үрөндү текшерет* (Сыдыкбеков). *Өндүрүш шаймандары.*

**ШАЙМАН II шай I** менен бирдей. *Арабакечибиздин аты ак көбүктөнүп, шайманы кетип да калды* (Бөкөнбаев). **В. Шайманы бошоду, шайманы кетти.**

**ШАЙМА-ШАЙ** Бардык жагы төп келишкен, даяр, ойдогудай. *Жарактанып жоого аттанган баатырдай, жалпы журтум туу түбүндө шайма-шай* (Маликов). *Анын турмушу ойдогудай, жашоосу шайма-шай* (Бобулов).

**ШАЙМЕРДЕН** 1. Жигит пири, баатырдын колдоочусу деген мааниде. *Сыйынганың Шаймерден* («Манас» С.О.). 2. *өт.* Арабдын төртүнчү калыйпасы Аалынын сыпаты. Чыгыш жомогунун бардыгында да Аалыны жигиттин пири деп санаган. – *Иа-а, жигит пири шаймерден, өзүң колдо! Ур! А! ур... деп, өзү баштап алдыга чаап, кылыч булгалап, чабуулга өттү* (Касымбеков). *Жем талашып доодон өлгөнчө, Жер талашып, эл талашып жоодон өлөлү! Жигит пири шаймерден колдосун, О-омийин...* (Садыбакасов). *Колдой көр деп шаймерден, Жүз элүү миң кол менен, Жүрдү Манас шартылдап* («Манас»).

**ШАЙТАН** 1. *дин.* Адамдардарды азгыруучу, туура жолдон уруучу макулук. Адамдарга каршы кесепеттүү күч. Жин. Ибилис же анын жолун жолдоочусу, тукуму катары да айтыла берет **(к. Ибилис)** 2. *өт.* Бузуку, азгыргыч, алдамчы. *Дөө, пери, шайтанды, Жин жараткан сен кимсиң?* («Манас» С.О.). *Шайтан болсо, буламыктан тиш сынат, кыламыктан бут сынат* (макал). 3. *өт.* Бирөөгө наалат айтууда же тамаша кылууда колдонулуучу сөз. *Динар кайраттанып, бек-бек унчукту: – Ой, шайтан! Сен алыс чуркаба* (Сыдыкбеков). *Асмандан түштүңбү же буудайдын арасынан чыктыңбы, шайтан?* (Сыдыкбеков). *Локуйган шайтан комузду мага сунбагай эле* (Сыдыкбеков).

**ШАЙТАН АЗГЫРУУ** Тескери жолго түшүү, терс иштерди иштөөгө кирип кетүү. *Неччен жылдан бери таза жүрүп, эми кайсы шайтан азгырды?* (Жантөшев). *Шайтан азгырган куу Молдонун алдагы жазганы короомдогу алал малдан айлансын* (Бейшеналиев). *Оёнбек менен Тайбаскулду шайтан азгырганын өзүң көрүп-билип турбадың беле?* (Осмоналиев).

**ШАЙТАН АЙДАП КЕЛҮҮ** Жаңылып же азгырылып барып (келип) күтүлбөгөн жагымсыз нерсеге туш болгон учурларга карата өкүнүү, урушуу иретинде айтылат. *Шайтан айдап кайдан келе калды эле ишке жаман тоскоолдук кылды* («Ала-Тоо»). 2. Күтүлбөгөн учурда капыстан келип (барып) калган адамга тамаша иретинде айтылат. – *Аа, качкыным, жол болсун! Сени бул жерге кайсы кара шайтан айдап келди?* (Саатов). **В.: Шайтан айдап баруу.** *Шайтан айдагансып бара калып.*

**ШАЙТАН АРАЛОО** Азгырык, бузукулук иш болуу, кырсык болуу. *Бирок, шайтан араладыбы, капкалуу калаа бузулгандай* (Өгөбаев).

**ШАЙТАН БАСКЫР** Ачуулануу, кыжырлануу менен өзүнчө тилденүү, сөгүнүү маанисинде колдонулат. *Баягы шайтан баскыр дагы жоголгонбу?* **В.: Шайтан алгыр!** *Шайтан алгыр, өлгүдөй күчтүүсүн кантесиң?*

**ШАЙТАН БИЛЕБИ** Ким билет, мен кайдан билейин деген сыяктуу бир нерсеге көңүлсүз, кайдыгер мамиле жасоо маанисинде колдонулат. *Эмне болгонун шайтан билеби? Өзүлөрүнөн сурабайсыңбы* («Ленинчил жаш»).

**ШАЙТАН БОЛУУ** Кокустан, күтпөгөн жерден бир иш болуу, ойлобогон иш болуу. *Шайтан болсо арык аттабай бут сынат тура* (Сыдыкбеков). **В.: Шайтан басуу.** *Мени шайтан басып, бара калганымды кара! Мени кайсы шайтан басты!* **Шайтан кысуу.** *Бакай билсе бузулбайбы, Чалды шайтан кыспайбы* (фольк.). **Шайтан саюу.** *Аларды шайтан сайып, азезил азгырганбы?* (Бектенов). *Тили уу немени ушул жерден шайтан сайды да койду* (Осмоналиев).

**ШАЙТАНДА** Жини кармоо, жаалдануу, ачуусу келүү.

**ШАЙТАНДАН шайтанда** этишинин өздүк мамилеси.

**ШАЙТАНДУУ** Зыяндуу, жоболондуу, кесепети тийүүчү. *Сактангыла, шайтандуулар жүрбөсүн* (Токомбаев).

**ШАЙТАНДЫК шайтандуу** менен бирдей. *Сен андай шайтандыгыңды кой, тынч жаткан элди дүрбөтпө* («Агым»).

**ШАЙТАН КӨПӨЛӨКТӨР** *биол.* Көпөлөктөрдүн бир тукуму.

**ШАЙТАН МОЙНУН СЫНДЫРУУ** *сүйл.* Ичкилик ичүү, ичкиликтен анча-мынча кылт этип алалы, бир аз ырымы кылалы деген мааниде колдонулат. *Кана, шайтан мойнун сындырып, бир жарышып албайлыбы, – дешти* («Ала-Тоо»). *Чоң кишилер айткандай, шайтан мойнун сындырабыз* (Тойбаев).

**ШАЙТАНЫ КАРМОО** Капыстан ачуусу келүү, жини келип, кыжырланып мүнөзү өзгөрүлө түшүү. *«О, кокуй, бу чалдын шайтаны кармады», – деп, карсылдап күлүп, элди тегерене качты* («Ленинчил жаш»). *Шайтаным кармап, өзүмдү өзүм араң токтоттум* (Сыдыкбеков). **В.: Шайтаны мойнуна минүү.** *Аны көргөндө шайтаным мойнума минип өзүмдү өзүм араң токтоттум* («Кыргызстан маданияты»). *Ачуусу келип бир катар, Мойнуна минди шайтаны* («Ма-

нас»). **Шайтаны келүү.** *Ырчынын сөзүн укканда Бозуулдун келди шайтаны* (фольк.). **Шайтанын агытуу.** *Дагы эмнемди чечейин Асылжан? – деди, көзүнөн шайтанын агытып* (Абдукаимов).

**ШАЙТАНЫ КУЮЛУП ТУРАТ** Өтө шок, ашкан тентек, тентеги ашынып кеткен деген мааниде көбүнчө балдарга карата колдонулат. *Уулуңдун шайтаны куюлуп турат.* **В.: Шайтаны көзүнөн куюлуп турат.** *Мунуңдун шайтаны көзүнөн куюлуп турат, кантип тыюу берсин, – деди атам* («Чалкан»). **Шайтаны агып турат.** *Чоңойсо ал бир өрт чыгат ко, шайтаны агып турат тим эле* («Ленинчил жаш»).

**ШАЙТАНЫ МОЙНУНА МИНҮҮ** *к.* **шайтаны кармоо.**

**ШАЙЫ** Жука кездеменин бир түрү. *Шайы жууркан. Шайы жоолук.*

**ШАЙЫК** 1. *дин.* Исламдын диндик коомунун башчысы; дин кызматкери. *Чөйрөсүнө Мекенин толуптур аламайыбы. Алдалап, чуркап бастырбайт, Кайырчы менен шайыгы* (Токомбаев). *Эки молдо, дамбылда, Шайыгы менен отуруп* («Эл адабияты»). 2. Мусулмандардын бейит кайтаруучусу, бейит сактаган адам.

**ШАЙЫР** 1. Көңүлдүү, тамашакөй, жадырап-жайнаган, көңүлү шат, куунак. *Шайыр жаштар. Нурбай өтө сөзмөр, жомокчул, шайыр жигит эле* (Баялинов). *Жаштарча шайыр сен күлүп, Жалп этсем анан арман жок* (Ж.Султаналиев). 2. *өт.* Ырчы-чоорчу, артист. *Эл шайырлары келиптир.* 3. Акын, айтуучу. Чыгышта, айрым түрк элдеринде жазма жана оозеки поэзия жаратуулардын баары ушундайча аталган.

**ШАЙЫРГҮЛ** *диал.* Кызгалдак.

**ШАЙЫРДЫК** Көңүлү куунактык, тамашакөйлүк, шайыр мүнөздүүлүк. *Комсомолка, күлкү турмуш биздики, Жаша, иште шайырдыкты узартып* (Турусбеков).

**ШАЙЫРЛАН** Шайыр мүнөздүү, көңүлү куунак абалда болуу, көңүлү шаттануу. *Каныбек мурункудай шайырланып көп сүйлөшпөйт* (Жантөшев). *Яша шайырлана амандашты* (Жантөшев).

**ШАЙЫРЛАНУУ шайырлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАК I** 1. Бактын бутагы. *Эң сонун Москванын бир чоң багы, Ийилет ар кай жерде бактын шагы* (Үмөталиев). *Кубулжуп булбул сайраса, Талдын көркү шагында* (Жантөшев). 2. Сугаруу, суу жаюу үчүн салынган майда тармактуу арыктар.

**ШАК II** Бозо салуу, малга жем кылуу үчүн тегирменге тартылган таруу же башка эгин. *Таруу шак. Жүгөрү шак.*

**ШАК III** 1. Урулуудан, кагылуудан чыккан кыска, ачык дабыш. *Эшиктен чыга бергенде эле шак-шак эткен камчынын үнү угулду. Ышкырды аяз чапчып, туман каптап, Боздодум дат айталбай тишим шакшак* (Бөкөнбаев). *Кийин-кийин жаштык күндөрүңдү эстеп, алаканыңды шак коюп каласың* (Бейшеналиев). 2. Тез, дароо, чукулунан; күтүлбөгөн жерден. *Шак буруп тракторду айдап Эрмек, Алгандай эскиликтен өткөн өчүн* (Бөкөнбаев). *Сырткы каалганы ачкан кезде ылдыйкы этажга шак эле муздак аба кирет* («Ден соолук»).

**ШАКА: шака-шак, шака-шук, шака-шука.** 1. Шакылдатып тез, ылдам, көздү ачып-жумганча, ыкчам. *Каным шака-шука кыймылдап, от жагып, тез эле тамак кылып жиберди* («Ала-Тоо»). 2. Табыш туурanды сөз. *Жүрүп кетти дөңгөлөгү шакашак. Поезддин шака-шак, шака-шак деген үнү улам алыстап бара жатты* (Айтматов).

**ШАКАБА** Бирөөнү мазактаган, шылдыңдаган тамаша, күлкү, ызалуу сөз. *Койсоңчу, адамды жөнү жок шакабалабай* («Адабий Ала-Тоо»).

**ШАКАП** Чоң арыктан таралып чыккан майда арыкчалар. *Канал, кайдагы шакап чапма деп, эскилердин сөөгүн козгоп...* (Даникеев).

**ШАКАР** Куурай өсүмдүгүнүн (көбүнчө алабатанын) күлүнөн даярдалуучу жегич кайнатма зат (муну эл самын даярдоо үчүн да колдонушкан). *Шакар өчүрүү. Шакар кайнатуу. Шакар самын. Шакары бар, майы жок – мендей муңдуу бар бекен* (Эл ырлары). // **Шакардай кайноо.**

**ШАКАРАП** *диал.* Помидорду узунунан же кыясынан жука туурап, ага майда тууралган пиязды кошуп, анын үстүнө туз, калемпир, мурч кошуп даярдалган салат түрү.

**ШАКАРДУУЛАР** Өсүмдүктөрдүн эки үлүштүүлөр классынын тукуму.

**ШАКЕК** Кооздук үчүн колдун манжаларына кийгизилүүчү, баалуу металлдардан ар түрдүү формада жасалган буюм, зергердик жүздүк. *Алтын шакек. Көздүү шакек. Шакек салынуу.*

**ШАКЕК САЛМАЙ** Жаштар, балдар ойной турган оюндун аты.

**ШАКЕКТЕ** Белгилөө үчүн канаттуу куштардын буттарына шакек салуу. *Жапайы канаттуулардын буттары шакектелип коё берилди.*

**ШАКЕКТЕЛ шакекте** этишинин туюк мамилеси.

**ШАКЕКТҮҮ** Шакеги бар, шакек салынган. *Жаш келиндин шакектүү колун жаркылдатып кесме кескени өзүнчө азем.*

**ШАКЕКЧЕ** 1. Шакектин кичинекейи. 2. Шакек формасындагы, шакекке окшогон нерсе.

**ШАКЕЛ** Мал жеген чөптөн, тоюттан калган кашек. *[Сарайдын] кээ жеринде шакел үйүлгөн* (Сыдыкбеков). *Аттын чыласында*

*жатып, сарала болгон бир тутам ным шакелди түтөтүп коюп, очоктун жанында жеңем отурат* (Элебаев).

**ШАКЕЛДЕ** Чөптөн, тоюттан шакел, кашек чыгаруу, кашектөө.

**ШАКЕЛДЕТ шакелде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАКИРТ** 1. Устанын жардамчысы, устанын үйрөнчүк адамы. 2. Бир үйрөнүп, аны дагы улантуучу окуучу. *Бекжан устага шакирт болуп иштейт* (Абдукаримов). *Кыргыздын ушул күндөгү Атайга окшогон комузчулары Токтогулдун анык шакирти болуп эсептелишет* (Бөкөнбаев).

**ШАКМАР** 1. Малдын (көбүнчө койдун) жүнүнө жабышып, тоголоктошуп калган кык, каткан чыла. 2. *өт.* Какмар, өтө булганч, кир. *Шакмар кийим.*

**ШАКМАРЛАН** Шакмар болуу, кирдөө.

**ШАКМАРЛАНТ шакмарлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАКМАРЛАНУУ шакмарлан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАКӨӨ** *диал.* Төөнүн эрди.

**ШАКТА** Шак байлоо, бүчүр байлоо, бутактары, чырпыктары көбөйүп өсүү. *Карагай, кайың, арчасы калың өсүп шактаган.*

**ШАКТОЙ** *диал.* Баланы тиши жаңы чыкканда берилүүчү кичине той.

**ШАКТУУ** Шагы көп, бутактуу, бутактары көп. *Жаш кыял жарышат дабырттап, Жаңыдан дарактай шак алып* (Кулумбаев). *Четиндер чоң түп тартып, үй ордундай жер ээлеп дүпүйүп шактуу* (Сыдыкбеков). *Табылды менен Зарыл олтургузган алма жыгачы шактуу* (Сыдыкбеков).

**ШАК-ШАК (шак-шук, шака-шука)** 1. Бат, ылдам,тез, көздү ачып-жумганча, ыкчам. *Жигиттер шак-шук атка минип бастырып кетишти.* 2. Бир калыпта улам-улам ыраатты менен чыгып турган үн.

**ШАКШАК** 1. Кол, бут ж.б. сыныктарды эбине келтирип, кыймылдатпас үчүн таңып коюуда пайдаланылган атайын даярдалган жыгач. *Кол аягы сынганды, Шакшак жонуп даярдап, Аста кармап аяңдап, Таңып жаткан дагы бар* («Манас» С.О.). 2. Манжа сөөктөр. 3. Бутундагы боосун чокубас үчүн жыгачтан майда кылып жонуп, жипке тизип, алгыр куштун башына кийгизип коюучу нерсе. 4. Бөлөк-бөлөк болуп самсаалап тоңгон муздар; какмар, шакмарланып жабышкан кир, чыла. *Жол көрүнбөй түз болуп, Сакалы шакшак муз болуп* («Эр Табылды»).

**ШАКШАКТА** 1. Шакшак коюп тануу. 2. Шакшак болуп самсаалап, катып туруу.

**ШАКЫЙ** Баштын оорусу, көбүнчө баштын жарым бөлүгү ооруп, мээнин ичке тамырларынын жыйрылуусунан улам адамды окшутуп, эстете берүүчү өнөкөттүү оору. *Шакыйы кармоо.*

**ШАКЫЙНА шакый** менен бирдей.

**ШАКЫЛДА** 1. Шак-шак этүү, шак-шак эткен дабыш чыгаруу. П*оезд шакылдап жүрүп баратат.* 2. Тез-тез иштөө, ылдам кыймыл менен жасоо. 3. Үнүн катуу чыгарып тез-тез сүйлөө, тартынбай сүйлөө. *Акия каадасынча шакылдап сөзмөр болгусу келет* (Сыдыкбеков). *Шакылдаган жигитти жоо бетинде көрөрмүн* (макал). *Бара-бара баягы Жылдызкандын уяңдыгы жоголуп, шакылдап сүйлөй турган болду* (Байтемиров). 4. Катуу кайноо, шарактаган үн чыгарып кайноо. *Казандагы кара суу шакылдап бат эле кайнап чыкты* (Борбугулов).

**ШАКЫЛДАК** 1. Буудайды тегирмендин ташына ноодон өз өлчөмү менен түшүрүп туруу үчүн титиреткичке орнотулуп тегирмендин бара ташына тийип турат да, ал тегеренгенде шакылдаган үн чыгарып турган атайын кичине таякча. 2. Тартынбай сүйлөгөн, шакылдаган. *Турар оюнкарак, шакылдак болчу* (Сасыкбаев).

**ШАКЫЛДАТ шакылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАКЫЛДАТУУ шакылдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАКЫЛДОО шакылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАКЫЛЫКТА** Шак-шак этип үн салуу (сагызганга карата). *Сагызган шакылыктап, жар таштын башына келип коно калды* (Сасыкбаев).

**ШАЛ I** 1. Нерв системага доо кетишинен улам бир оргaндын өз функциясын аткарбай, кыймылдабаган же эч нерсени сезбей калган абалы, паралич. *Ал шал болгон, жардамсыз кишинин кебетесин көрдү* (Токомбаев). *Алым деген иниси шал болуп калат* (Жантөшев). 2. *өт.* Күчсүз, алсыз, алы жок, кайраты жок, араң жан. *Күйүттөн күчтүү жаш чыкпай көздөн, Шал болуп дене сезимдер өлгөн* (Абдыраманов). Колго түшкөн адамдардын мойнуна салынган ортосу көзөнөк калың жыгач тактай.

**ШАЛ II шалы I** менен бирдей.

**ШАЛА I** Жабыккан, жабыркаган, алсыраган, чарчаган, арык. *Айлың ала болсо, атың шала болот* (макал).

**ШАЛА II** Тез-тез, шамдагай, ылдам иштөө. *Жакшы балдар экен, кызылчаны шалап жиберишти – деп, экинчи аял бизге жалына кетти* (Таштемиров).

**ШАЛААКЫ||ШАЛАКЫ** Жүдөө, жыйнаксыз, илээнди, жүүнү бош. *Шалаакылыктын азабын бир эмес, миң тартса да ал келин оңолбоду* (Сасыкбаев). *Кийинки күндө [Шабыраалы] өзү да шалакы болуп кетти* (Байтемиров). *Шалакы эле Кандай алда жүрөт деп Кейидиңби үстү-үстүнө кайгы жеп?* (Турусбеков).

**ШАЛААКЫЛЫК** Илээндилик, жүүнү

боштук, тыкан болбогондук, шалакы кишиге мүнөздүү көрүнүш, сапат. *Жумушка салкын кароочулук, шалакылык ириде шахтёрдун ырысына балта чабат* (Сасыкбаев).

**ШАЛАЙ** Алсыз, күчсүз болуп шалдаюу, алсыроо. *Ал сөздү айтып далайып, Ачкалыктан шалайып, Эки буту салайып* («Манас»).

**ШАЛАК: шалак этүү** *же* **шалак дей түшүү** Бир нерсени катуу таштап жиберүү. Өзүн кармай албай жыгылып кетүү, жыгылып түшүү, кулоо. *Колундагы кетмени шалак этип жерге түштү* (Жантөшев). *Колундагы кетмени ыргып, чалкасынан шалак дей түштү* (Жантөшев).

**ШАЛАКТА** 1. Катуу, ыкчам жүрүш менен жүрүү, жүгүрүү. *Шалактап катуу жүрүш менен бараткан атчандар.* 2. Шалкылдоо. *Сынган колу шалактап калды. Буту-колу шалактап, жыйналып отурууга жарай албады* («Ала-Тоо»). 3. Алдан тайып, муун-жүүнү бошоо, алсыроо. *Бүткөн бойдун баарысы, Күчтөн тайды шалактап* («Эр Төштүк»). 4. Токтобой, тынымсыз чыгуу, агуу (мис, тер). *Таш эмчек ийип кеткенсип, Шалактап тери агыптыр* (Токобаев). 5. Олдоксон, обу жок жүрүш-турушта болуу, адепсизденүү. *Баягыдай шалактай бербей, адептүү, ыйттуу киши болсоңчу* («Чалкан»).

**ШАЛАКТАТ шалакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛАКТАШ шалакта** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛАКТОО шалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛА КУЛАК** Саландаган, салбыраган узун кулак, шалпаң кулак (көбүнчө жылкы менен эшектин кулагына карата айтылат).

**ШАЛАҢ** 1. Өгүздүн, эшектин ээрин алдыга кетирбөө үчүн толорсуктан өйдөрөөктөн (куйруктун астынан) тартылган боо. 2. Жылкынын куйрук түбүн куюшкан кесип жара сымал кылып жибергендик.

**ШАЛАНДА** Шала тартуу, шалаң байлоо.

**ШАЛАП** *диал.* 1. Бүркүткө берилүүчү туздалбаган, каны жуулган эт. 2. Дарылык үчүн кайнатылып берилген карандай суу.

**ШАЛБАА** Саздуу, калың чөптүү ным жер. *Шалбаа жерлер. Шалбаалар жана жайыттар.*

**ШАЛБЫРА** Бошоп, былбырап калуу; чың, чыйрак болбой салбырап, саландап туруу (териге, териден жасалган кийим-кечеге же деңге карата). *Чокойлор бутта шалбырап, Куур тон жондо калдырап* (Токомбаев). *Ээгинин алдындагы териси шалбыраган кары кемпир.*

**ШАЛБЫРАҢКЫ** Бошоңку тарткан, шөлбүрөгөн, салбыраган, саландаган. *[Бугимовдун] арык бетинин шалбыраңкы териси титирейт* (Сасыкбаев).

**ШАЛБЫРАТ шалбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛБЫРОО шалбыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛБЫРТ: Ала шалбырт** Эрте жаз, карлар эрип, жер былкылдап, чалчык көбөйгөн мезгил. *«Кошкула, көрүшөбүз туз буюрса», кеткениң эсимде ала шалбырттагы* (С. Урманбетов).

**ШАЛГАМ** Эрте бышуучу бир жылдык бакча өсүмдүгү.

**ШАЛДААКЫ шалакы** менен бирдей.

**ШАЛДАЙ** 1. Алсыроо, шайы кетүү, шалдыроо, мууну бошоп шалкаюу. *Чоң Койчу үшкүрө шалдайып, Кубатка карады* (Жантөшев). *Жайымды ойлоп мен үчүн, Шалдайбасын муунуңар* (Казыбек). 2. Таң калганда, эсине келе албай шашып же апкаарый түшкөндө ж. б. учурларда эмне кыларын билбей туруп калуу, делдейе түшүү. *Жума эмне айтарын, билбей шалдая түштү* (Жантөшев).

**ШАЛДАЙТ шалдай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛДАЙТУУ шалдайт** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛДАЙТЫШ шалдайт** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛДАЙЫҢКЫ** Алсыраган, шайы оогон, шайы кеткен, муун-жүүнү бошогон, шалкайган абалда. *Эр чалгыны эки кол, шалдайыңкы көрүндү* (фольк.).

**ШАЛДАЙЫШ шалдай** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛДАЮУ шалдай** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛДЫР: шалдыр-шалдыр, шалдыр-күлдүр, шалдыр-шулдур** Бири-бирине урунган, кагылышкан катуу темир-тезектен, жыгачтан же башка топ нерселерден чыккан дабыш. *Шалдыр-шалдыр эттирип, чүкөлөрүн тулубунан алып чыга баштады* («Жаш ленинчи»). *Шалдыр-шалдыр дабыш салып арабанын келатканы угулат* («Ала-Тоо»). *Колундагы жүгөн шалдыр дей түштү* (Сыдыкбеков).

**ШАЛДЫРА** 1. Шалдыр-шалдыр этүү, шалдырттаган дабыш чыгаруу. *Шалдыраган араба. Шагыл таштар шалдырап, куюла баштады. Аңгыча ачкычтар шалдырай баштады* (Токомбаев). 2. Бүткөн бою бошоп чарчоо, алы кетүү, шалдаюу. *Мууну бошоп жалдырап Буту-колу шалдырап* («Эр Табылды»). *Оюмда колго кеткен сүйгөн теңим Шалдырап араң басып үйгө келдим* (Үмөталиев). 3. Шалкылдап бошоо, бошоп калуу. *Мунуң абдан туура! – деди шалдыраган үч-төрт тиши калган бир абышка* (Жантөшев).

**ШАЛДЫРАК** Шалдырттаган, шалдыр-шалдыр эткен дабыш чыгаруучу балдардын оюнчугу.

**ШАЛДЫРАТ шалдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛДЫРКАН** 1. **шалдырак** менен бирдей. 2. Шалдырттатып үн чыгаруучу боочуусу бар кооз нерсе. *Шалдыркан кисе байланып, жоо-жарагын шайланып* (фольк.). 3. Эскирип, шалдырап калган. *Шалдырканы чыккан машина. Мындай шалдыркан араба менен эмне ташууга болмок эле.*

**ШАЛДЫРКАНДУУ** 1. Шалдырканы бар, кооздук үчүн жасалган боо-чуусу бар. *Шалдыркандуу аса таяк, шалдыркандуу чакча, шалдыркандуу көөкөр.* 2. Шалдыркан, эскирген, жараксыз.

**ШАЛДЫРОО шалдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛДЫРТ** Катуу нерселер бири-бирине кагылышканда, урунганда ж. б. учурларда шалдыр-шалдыр этип ачык чыккан дабыш. *Шалдырт эткен дабыш чыккан жакка карап, тайган жүгүрүп жөнөдү* («Ала-Тоо»). *Кишенин шалдырт-шалдырт эттирип кашка бээ арыкты бойлой жөнөп калды* («Ала-Тоо»).

**ШАЛДЫРТТА** Шалдырт-шалдырт эткен дабыш чыгаруу, шалдыратуу. *Чынжыры шалдырттап, конвейер иштей баштады* (Сасыкбаев). *Чачынын учуна тагылган экиүч ачкычы кемпирдин кадамын ар дайым шалдырттап санап турат* (Саманчин).

**ШАЛДЫРТТАТ шалдыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛДЫРТТОО шалдыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛК: шалк этме** Эски убакта жоо куралы катары чабышта колдонулган, башына уланган тоголок темири бар таяк.

**ШАЛКАЙ шалдай** менен бирдей. *Абдыракмандын көздөрү жигердүү болгону менен, колу шалкайып, комузу жерге түштү* («Ала-Тоо»). *Абдылданын сол колу шалкайып калды* (Байтемиров). *Батийна шалкая түштү* (Сыдыкбеков). *Кардуу бороон, шамалдан Камыгып денем шалкайды* (Каралаев).

**ШАЛКАЙТ шалкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛКАЙЫШ шалкай** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛКАЮУ шалкай** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛКЫЛДА** Бек абалынан өзгөрүп бошоп калуу, козголуу, кыймылдап калуу. *Ооздогу тиштер шалкылдап, көздүн курчу кетти* (Жантөшев).

**ШАЛКЫЛДАТ шалкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛКЫСЫ БОШ** Мааниси жок, көңүлсүз, шайы жок, жүүнү бош. *Карындары ач, бардыгынын шалкысы бош, ындыны өчүп үлдүрөшөт* («Ала-Тоо»). *Шашма, тартынбас, шар мүнөздүү Кубанычбектин шалкысы бош тарткany неси?* (Бейшеналиев). **В.: Шалпы бош.** *Эмне шалпың бош? Бир жериң ооруп турабы, – деп апам үйрүлө түштү* («Ала-Тоо»). *Шалпы бош шакирт сенделип кайра кайтты* (Бейшеналиев).

**ШАЛП** Суюк нерсени шапшыганда, чапкылаганда же үстүнө бир нерсе түшкөндө, ит, мышык суюк нерсени тили менен шалпылдата ичкенде ж. б. учурда чыккан дабыш.

**ШАЛПАЙ** 1. Тик, түз абалда болбой, бир жагына жапырылып, салаңдап калуу, шалпыюу. *Кулактары шалпайган чоң кара эшек минген киши салам айтып токтой калды* («Ала-Тоо»). *Малдан күчтүү төө болот Астыңкы эрди шалпайган* (Калык). 2. Толук, чың болбой, бош көрүнүштө болуу, арыктап, шалбырап бошой түшүү, кебетеси кетүү. *Желиндери шалпайып, уй байып бараткан кез. Шалпайып өңдөн азуу.*

**ШАЛПАЙТ шалпай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛПАЙТЫШ шалпайт** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛПАҢ** Салаңдаган, шалпайып жатып турган (мис., кулак). *Карыя шалпаң кулак тору атын үстөкө-босток теминип, кыйкырып келе жатты* («Ленинчил жаш»).

**ШАЛПАҢДА** 1. Шалпайган, төмөн карай салаңдаган абалда аркы-терки жүрүү. 2.*өт.* Эч майнапсыз эле ары-бери жүрө берүү, баса берүү. *Шалпаңдап эле ойноп жүрөсүң, эмне иш бүтүрдүң* (Байгазиев).

**ШАЛПАҢДАТ шалпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛПАҢДАШ шалпаңда** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛПАҢДОО шалпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛПАР** 1. Жоолук түрү. 2. Кездеменин бир түрү. *Өтө бийик күүлөнүп алгандыктан, үлбүрөгөн шалпар жоолугу жогорку шакка илинип калды* (Мавлянов). *Көйнөгүм кызыл ак шалпар, Почточу бала кат алпар* (Эл ырлары).

**ШАЛПАЮУ шалпай** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛПЕТМЕ** 1. Кончу жок, буттун башына илип кийилүүчү жеңил кийип, чечүүгө ылайыкталган бут кийим, шлёпка. 2. *диал.* Этин чоң-чоң туурап, үстүнө жупканы үзүп салып, сорполуу кылып жасаган тамак.

**ШАЛПЫ шапшы** менен бирдей.

**ШАЛПЫ II** Уят сөздөрдү тартынбай, ылгабай сүйлөй берүү, тантып кетүү. *Эркек менен аялдын мамилеси жөнүндө эң укмуштуудай шалпып сүйлөгөн адепсиз киши экен* («Ала-Тоо»).

**ШАЛПЫЙ шалпай** менен бирдей.

**ШАЛПЫЙТ шалпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛПЫЙТУУ шалпый** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛПЫЙТЫШ шалпыйт** этишинин кош мамилеси.

**ШАЛПЫК** Эрди шалпыйган, шалпайып түшүп турган. *Кайыптын шалпык эрди ыржыят* (Сасыкбаев). *Куйругу кыска, бою чоң Шалпык эрин, тик кулак, Баладай эки өркөчү Семиргенде тик турат* (Үсөнбаев).

**ШАЛПЫЛДА** 1. Шалп-шалп этүү (сууга же башка суюк нерсеге карата). *Урматтап, жарга урунуп көл шалпылдайт. Ак чабак айга атылып күн жаркылдайт* (Осмонов). 2. Салбыроо, салпылдап туруу. *Чоң кисе жанда шалпылдап Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

**ШАЛПЫЛДАК** 1. Шалпылдаган, шалпыйган, шалп-шалп эткен. *Алдыңкы ээрди шалпылдак, Атаң Манастан калган Желмаян* («Манас»). 2. Токтогон кара көлдүү жерлерге чыгуучу өсүмдүктүн аты.

**ШАЛПЫЛДАТ шалпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛПЫЮУ шалпый** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛТАК** 1. *диал.* Шыпыргы гүлдүүлөрдүн тобуна кирип, көк гүл ачып, жалбырагы жарыша жайланышкан, сабагы төрт кырданып өскөн, бою 50 *см* ашпаган, мал жакшы оттоп, тамыры кыска келип, чачырап өскөн өсүмдүктүн аты. 2. Кир, булганыч, ыпылас, таза эмес.

**ШАЛТАКЕ** *диал.* Илээнди, жүдөө, самсаалап, кир жүрө берген киши.

**ШАЛТАКТА** Кир болуу, булгануу, ыпылас болуу.

**ШАЛТАКТАТ шалтакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАЛТАКТОО шалтакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАЛТУРУК** Илээнди, жалкоо, колунан эч нерсе келбеген, жүдөө. *Колу шалтуруk эненин баласындай ботала, кир, чаң баскан дубалдарынын беттери болсо көө, калем, жалбырак менен, же туура эле бычактын учу менен оюп жазылган, окуганда төбө чачың тик турган сөздөргө, сүрөттөргө жык толгон* (Жусубалиев). *«Айткан ишти бүткөрбөгөн шалтуруk неме көрүнөсүң», – деп Үкөй кейип алды.*

**ШАЛФЕЙ** Жылуу, нымдуу аймактарда өсүүчү, медицинада жана парфюмерияда колдонулуучу өсүмдүк.

**ШАЛЧА** Жерге салуу үчүн кебезден же жүндөн ийрип согулган таар. *Жерге эски ала шалча жая салынган* (Абдукаримов).

**ШАЛЫ I** Күрүч өсүмдүгү жана анын акталбаган даны. *Шалы эгүү. Шалы актоо.*

**ШАЛЫ II: шалы жоолук** Чачысы бар, чоң жоолук.

**ШАЛЫКЕР** Күрүч айдоочу дыйкан.

**ШАЛЫПАЯ** Шалы айдалган жер. *Көлмө жерлер бүтүндөй шалыпая, шалы быша баштаган, түбүнөн бака чардап, башы ийилип, сарала шайыдай үлбүрөйт* (Касымбеков).

**ШАМ I** 1. Жарык кылуу үчүн малдын (көбүнчө эчкинин) майынан же башка май затынан билик коюп жасалган чырак. 2. Жалпы эле жарык кылуу үчүн жагыла турган чырак, электр жарыгы. *Үйгө шам жагылды. Электр шамы. Сүйүү чачып жарыкты, Жаныбызды жарытты, Асманда ай, өргөдө шам жогунда* (Жусуев). 3. Балдар оюнун баштоо үчүн бир колду муштум, бир колду шапалак бойдон коюп, бир нерсе жашырып, анан эки колду өйдө тик көтөрүп, кайсынысын аласың деп оюндун кезегин белгилөө жолу.

**ШАМ II** *диал.* Ар, намыс (көбүнчө ардануу, намыстануунун кереги жок деген кырдаалдарга байланыштуу колдонулат). *Отургандарга не шам, ыкшып күлүп калышты. Мага эмне шам, ушул көрүнүшүм менен бара бербейимби* («Ала-Тоо»).

**ШАМАЛ** Абанын горизонталь багытындагы тездик менен жылышы, катуулап соккон жел. *Шамал катуулап, жаан чапкындай баштады* (Жантөшев). *Көл бетине жылдыз жайнап, сыдырым шамал жүрдү* (Каимов). *Кымбатыма алдым жасаныp, Шамал, шамал бузба чачымды* (Узакова). *Шамал болбосо, теректин башы кыймылдабайт* (макал).

**ШАМАЛА** Мом шам, факел. *Шамаланы жандырган* («Манас» С.О.).

**ШАМАЛДА** 1. Шамал жүрүү, шамал болуу. *Күн шамалдап келди көрүнөт* (Жантөшев). 2. *өт.* Сергүү, таза абада эс алуу, таза аба жутуу. *Үйдө камыгып отура бербей, бир аз шамалдап келели.* 3. Суук тийип ооруп калуу. *Кечээ шамалдап калган экем, денем оордоп, чыйрыгып турам* («Ала-Тоо»).

**ШАМАЛДАТ шамалда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАМАЛДУУ** Шамал көп болуучу, шамал болуп турган. *Аңгыраган чөл эле, Кум учурган шамалдуу* (Үмөталиев). *Саратан салкын шамалдуу, Жайдан баштап сайрады* (Тоголок Молдо).

**ШАМАН бакшы** менен бирдей.

**ШАМАНИЗМ** Дүйнөдөгү элдердин көбүнө кеңири тараган диндин байыркы формасынан. Табигый көрүнүштөрдүн ар биринин өз ээси, колдоочусу бар, алар адамдарга жакшылык да, жамандык да кылышы мүмкүн. Айрым касиеттүү адамдар, бакшылар аркылуу аларга таасир кылууга, тил табышууга болот деген ишеним.

**ШАМДАГАЙ** Кыймылы эптүү, тездик, кылдаттык менен иштөөнүн ыгын жакшы билген, тыкан. *Биз канчалык кайраттуу жана шамдагай болсок, ишибиз ошончолук ийгиликтүү болот* (Жантөшев). *Ашыр шамдагай ыргып, терезеден шыкаалады* (Сасыкбаев).

**ШАМДАГАЙЛЫК** Шамдагай кишиге мү-

нөздүү сапат, ылдамдык, тындык. *Сылык сөз жана шамдагайлык ар бир сатуучунун ыйык милдети. Насип кроваттан секирип туруп, кийим-кечесин шамдагайлык менен кийине баштады* (Таштемиров).

**ШАМДАН** Чырак койгуч, шам койгуч.

**ШАМИЯН** Моюнтурукту бекиткич жумуру таякча. *Шамиянын шайлатып, Кош өгүзүн байлатып, Буурсунун бүктүрүп, Кара жерге суктуруп* (Эл ырлары).

**ШАМПАН** *туурасы:* **шампанское.**

**ШАМПАНСКОЕ** Шуулдап, көбүрүп турууучу жүзүмдөн жасалган вино сыяктуу газдуу ичимдик.

**ШАМПУНЬ** Чач жуушка атайын ылайыкталып даярдалган жыттуу, самындуу суюктук.

**ШАМ ЧЫРАК** Жарык нур чыгаруу, чачыратуу касиетине ээ асыл таштын түрү. Кээде көөкар маанисинде, же экөө бир катары да айтыла берет. *Зумуруд, көөкар, шамчырак.* («Манас» С.О.).

**ШАМШАР** Кылыч формасындагы чоң канжар; чоң бычак. *Келериңде дүнүйө, Көк болот шамшар канжарсың* (Токтогул). *Чочмор менен урушуп, Шамшар кындан суурушуп* («Эр Табылды»).

**ШАМШАРДУУ** Шамшары бар, шамшар менен куралданган.

**ШАМШАРЛА** Шамшар менен кесүү, тилүү, жаруу. *Кордугу өткөн калмактын Шамшарлап канын төгөйүн* («Эр Табылды»).

**ШАМ-ШУМ ЭТҮҮ** Бир аз тамактануу, өзөк жалгап алуу, анча-мынча бирденке жеген болуу. *Анча-мынча шам-шум этип алышып, ашууну карай жөнөштү* (Даникеев). *Кайкы белестеги жалгыз арчанын түбүнө олтуруп куржундарынан бир нерселерди алып, шам-шум этип, бир аз тыныкты* (Медетов). *Темирлер кичине шам-шум этишип, кайра эле аттарына миништи* (Сыдыкбеков).

**ШАМШЫКАЛ** Жалама туз, туз кендерден казып алынуучу туз.

**ШАМЫЯН** 1. Кошко, арабага чегилген өгүздүн мойнундагы моюнтурукка өткөрүлүүчү жыгач же темирден жасалган казык. *Шамыянын шайлатып, Кош өгүзүн байлатып, Жетти Жакып желиге* («Манас»).

**ШАМЫЯН КАЙРУУ** Такоол берүү, каяша кылуу, тең тайлаша алуу. *Таш жүрөк, жан кечти Заарбектин жаалына шамыян кайырганга жарабай Таластан Анжиянга кире качкан* (Осмоналиев). *Байымбет канчалык жанын кашайтпасын шамыян кайрып алууга дармансыздыгына өкүндү* (Бейшеналиев). *Ал опулдап жатканда бир ооз шамыян кайтарсаң болмок* (Саспаев).

**ШАНА** Пахта өсүмдүгүнүн боткогу, тарак башы. *Эмгектенем күндөп-айлап, Сүйүнтөсүң шана байлап. Көрку чыгат бүт талаанын, Ачылганда гүлү жайнап* (Байзаков). *Саптарыңды сагынткан араладым, Саламдашып жаткансыйт шаналарың. Сан бутактар салаама чырмалышып, Сыр жашырбай айткансыйт мага барын* (Байзаков).

**ШАНАБАТ** Күмбөздөр жайгашкан аймак, көрүстөн.

**ШАНС** Ийгиликке жетишүү үчүн түзүлгөн (көбүнчө капыстан, кырдаалы тез өтүп кетүүчү) мүмкүндүк.

**ШАНТАЖ** 1. Пайда көрүү максатында адамдын кадыр-баркын кетире турган маалыматтарды таркатуу менен опузалап коркутуу. 2. Бирөөнүн айыбын «айтам», «көрсөтөм» деп коркутуу жолу менен пайда табуу.

**ШАҢ** 1. Шаан-шөкөт, шат, эң сонун көрк, салтанат. *Тигил беттеги үйлөрдөн чыккан жарыктар ушул жапайы эки тоонун ортосун шаңга бөлөгөнсүйт* (Шимеев). *Кырчын жаштар керилген, Сенин шаңың Ала-Тоо* (Турусбеков). *Ааламга биздин шаңыбыз Угулуп жатат дүңгүрөп* (Осмонкул). 2. Көрүнүш, бир нерсенин силуэти, контуру, элеси, көлөкөсү. *Чубай бастырып келе жаткан төрт-беш атчандын шаңын байкады. Күүгүмдөгү шаңдай араң эле көрүнөт.*

**ШАҢГЫР** Металлдын же башка заттын кагылып термелишинен чыккан созулуңку ачык дабыш. *Коңгуроо шаңгыр-шаңгыр кагылды.*

**ШАҢГЫРА** Шаңгыр-шаңгыр эткен дабыш чыгаруу. *Коңгуроолор шаңгырап, өрт өчүрчү машиналардын дуулдаган катуу добуштары кулакты тундурду* (Токомбаев). *Комуздун дабышы шаңгырай баштаганда, Субан эшикке чыкты* («Ала-Тоо»).

**ШАҢГЫРАТ шаңгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢГЫРОО шаңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАҢГЫРТТА шаңгыра** менен бирдей.

**ШАҢДАН** Шаңга бөлөнүү, шаңдуу болуу. *Чаргын ого бетер шаңдана түшүп, кетменди күүлөп-күүлөп согот* (Сыдыкбеков). *Ала-Тоонун чокулары элес-булас шаңданышат* (Баялинов). *Бир кездеги бирин-серин бак-дарак, Бүгүн чоң парк, боюн керип шаңданат* (Үмөталиев).

**ШАҢДАНТ шаңдан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢДАНУУ шаңдан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАҢДАНЫШ шаңдан** этишинин кош мамилеси.

**ШАҢДУУ** Шаттуу, шаңданган, шаңга бөлөнгөн, салтанаттуу. *Тобурчактай булкунган уландар шаңдуу жүрүш менен алга жөнөп калышты* (Жантөшев). *Чоор үнү дагы шаңдуу, дагы бийик көтөрүлдү* (Жантөшев).

**ШАҢК** Ачык, катуу күлгөндө чыккан да-

быш. *Ойдо жок кулку үлүшү мага тийип, Шаңк этип бүткөн үнүм чыкты бийик* (Абдыраманов). *Качан болсо шайыр сенин жүрөгүң, Кандай кубат сенин шаңк-шаңк күлгөнүң* (Турусбеков).

**ШАҢКАЙ** Ачык, даана, бийик болуп көрүнүү. *Шаңкайган ачык асман. Аскалар шаңкайып, өтө эле сүрдүү жана сырдуу көрүнөт* (Айтматов). *Шаңкаят кара кийизге, Төгүлгөн сүттөй бир ууртам* (Кулумбаев).

**ШАҢКАЙТ шаңкай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢКЫЛДА** Ачык, катуу күлүү, ырдоо, үнүн бийик чыгарып сүйлөө. *Эркингулдун шаңкылдаган күлкүсү айлананы бүтүндөй өзгөрттү* (Жантөшев). *Соня менен Сергей шаңкылдай сүйлөшүп, алдыга кетишти* (Сасыкбаев). *Дөшүнүн шаңкылдаган үнү жаңырды* (Сасыкбаев). *Оргуган булактай махабат, Ойлорду шаңкылдап жаңыртат* (Кулумбаев).

**ШАҢКЫЛДАТ шаңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢКЫЛДАШ шаңкылда** этишинин кош мамилеси.

**ШАҢКЫЛДОО шаңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАҢШАР** *диал.* Тик, кууш, тар келген капчыгайча. *Сары-Жазда шаңшар болгон жер көп.*

**ШАҢШУУ шаңшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАҢШУУР** Уютулган алтын. *А мында, кунда куну жок бир укмуш буюм го, нака шаңшуур алтындан жасалган неме го десең...* (Даникеев).

**ШАҢШЫ** 1. Ачык, дабыштуу үн салуу (бүркүткө карата). *Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын! Шарапат, сайран күнүмдө* (Бөкөнбаев). *Аскалардан баарчын шаңшып үнчүгат, Силкингенде куйруктары кулпунган* (Осмонкул). 2. *өт.* Уккулуктуу шаңкылдаган кооз үн менен ырдоо, шаңкылдап сүйлөө. *Безеленген күү менен Көтөрөм шаңшып ырымды* (Бөкөнбаев).

**ШАҢШЫТ шаңшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢШЫШ шаңшы** этишинин кош мамилеси.

**ШАҢЫРАЙ** 1. Мурдунун таноолору чоң болуп, көңдөйлөрүнүн көрүнүп туруусу. *Мурду шаңырайган, түрү суук немеге көзүң түшүп калса керек – деп, Турар какшыктай сүйлөдү* («Ала-Тоо»). 2. Аңырайып ачык болуп туруу, ачылып, ачык болуп калуу. *Фрунзе вокзалынын формасында салынган кооз чоң вокзал шаңырайып бузулган* (Бөкөнбаев).

**ШАҢЫРАҢДА** Аңырандоо, эңирендөө мурдун дердендетип катуу сүйлөө, катуу сүйүнүү ж.б. *Мурдун чулук жырган букадай шаңыраңдап, [Түркүн] аял-буялга келбей, төркү үйгө чуркады* (Бейшеналиев). *Шаңыраңдап эле калыпсың, бирди көрөсүң го.*

**ШАҢЫРАҢДАТ шаңыраңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАҢЫРАҢДАШ шаңыраңда** этишинин кош мамилеси.

**ШАҢЫРАҢДОО шаңыраңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАҢЫЯ** 1. *эск.* Айыл-кыштак башчысы. *Алымдын баккан аты төртөө. Бири шаңыянын тору жоргосу, бирөө Зуннахундун кара жоргосу, экөө болсо Керимахундуку* (Жантөшев). 2. Сот, бий. *Амбалдын кулагына шыбырады, Жанында Ашым деген бир шаңыя* («Эл адабияты»).

**ШАП I** Эки миздүү канжар. *Найзасы болот, шабы албарс, Намысын колдон бербеген* (Осмонкул).

**ШАП II** 1. Тез, көз ирмегиче, өтө тездик менен. *Каныбек Темир кармап турган кара кашкага шап минди* (Жантөшев). *Калтардай не бир селкини, Кармагым келет шап колдон* (Сарногоев). 2. *диал.* Чикит оюнунда колду аркага алып, жеңди кармап туруп, анан балакайды чабуу.

**ШАП III: шап алуу.** Канымдат оюнунда анын белгилүү эрежесине ылайык билек алуу, билекке чабуу.

**ШАПА: шапа-шупа** *же* **шапа-шап** Өтө тез, өтө ылдам, өтө бат, көз ачып, жумганча. *Эки жигит аттарына шапа-шупа минди* (Жантөшев). *Баятан ушуну күтүп тургансып арабакечтер да аттарына жүгүрүшүп, арабаларын шап-шап чечип жиберишти* (Таштемиров).

**ШАПААТ** Колдоо, жардам, көмөк. *Жалган айтсам Калами-Шариф урсун... Таңкы маашар болгондо пайгамбардын шапаатынан куру калайын* (Касымбеков).

**ШАПАГАТ к. Шапаат.** *Шапагаттын түнүндө* («Семетей» С.К.).

**ШАПАГАТТУУ** Кайрымдуу, боорукер, шарапаттуу. *Карыпка жетим-жесир шапагаттуу, Болду эле арстан апаң качан сендей* («Эл адабияты»).

**ШАПАЙ** Өңдөн азуу, арыктоо. *Букеш эң эле шапайып азган* («Ала-Тоо»).

**ШАПАЙТ шапай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАПАЙЫШ шапай** этишинин кош мамилеси.

**ШАПАК I** 1. *диал.* Тебетейдин астынан кие турган жука топу. 2. Күндүн эртең мененки жана батаардагы кызылы.

**ШАПАК II** Кубарыңкы, кан-сөлсүздөй бопбоз, өңсүз. *Көлөкөдө өскөн чөптөй ак шапак болуп кетиптир.*

**ШАПАЛАК** 1. *диал.* Алакан. 2. Араба же кош айдаганда, мал айдаганда колдонулуучу узун камчы.

**ШАПАЛАКТА** 1. Шапалак менен чабуу. 2. *өт.* Кол чабуу.

**ШАПАР ТЕБҮҮ** Оюн-күлкү, тамаша куруп көңүл ачуу, ойноп-күлүп ыракаттануу. *Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран* (Бөкөнбаев). *Сиз ушу жерде, так ушул айылда шапар тээп жүргөнсүз* (Абдукаимов). *Ошондогу тартып алган жер-сууга Шапар тепти колхоз айлы дуулдап* (Элебаев).

**ШАПАТА** Эпкин, желдин илеби. *Эртели кеч көл шапатасынан мол жутуп* (Мавлянов). *Бейиш кушунун канат-куйругунан жасалган желпүүр кармап, акырын өөдө-ылдый кылып жумшак шапата жаратып турду* (Касымбеков).

**ШАПАЮУ шапай** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАПКЕ** Эркектердин мандайында калканчы бар жеңил баш кийими, фуражка.

**ШАПКЕР** 1. Колдун түн ичинде жол жүрүшү. Түнкү сапар. 2. Шаптай тизилген, катар-катар болгон деген мааниде да айтылат. *Шымал жактан кол келди Шапкер тартып мол келди* («Манас» С.О.). *Шаа Кушаа көрүнду, Шапкер тартып көп эли, Кошуунга салып көрүнду* («Манас»).

**ШАП МУРУТ** Калкагай мурут, кылычтай узун мурут. *Шап мурутун эки-үч жанып койду да, Кеп баштады ар кайсыдан жондото* (Байзаков). *к.* **шап I.**

**ШАПШУУ шапшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАПШЫ** 1. Сууну же башка суюктукту шарпылдатуу, чапкылоо. *Сууну шапшып өрдөк-каз Киринишет, таранат* (Токомбаев). *Чабак урса кыздар ойноп каткырып, Ак куу каздар канаттарын шапшынып* (Акималиев). 2. *өт.* Калжырап жөн эле сүйлөй берүү. 3. **шалпы** менен бирдей.

**ШАПШЫЛ шапшы** этишинин туюк мамилеси.

**ШАПШЫМА** *диал.* Дөөдүр, тантык, калжырап сүйлөй берген неме.

**ШАПШЫН шапшы** этишинин өздүк мамилеси.

**ШАПШЫТ шапшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАПШЫШ шапшы** этишинин кош мамилеси.

**ШАПЫ** *диал.* Бирөөнүн үйү же буюму сатылганда, башкалардан көрө кошунанын ошол эл берген баага сатып алуу укугу.

**ШАПЫЛДА** Оозу-оозуна тийбей тез сүйлөө, бат-бат сүйлөө. *Шапылдап сүйлөгөн сөзмөр киши экен.*

**ШАПЫЛДАК** Оозу-оозуна тийбей шапылдап сүйлөгөн киши.

**ШАПЫЛДАТ шапылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАПЫЛДАШ шапылда** этишинин кош мамилеси.

**ШАПЫЛДОО шапылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАР I** 1. Тегеректин өз диаметринин айланасында айланышынан пайда болгон геометриялык тело. 2. Ошондой формадагы нерсе.

**ШАР II** 1. Чоң жана тез аккан суунун же толкундун дабышы. *Жарданып типтик болуп, толкун чыгып, Шар этип, бир төгүлөт келип четке* (Маликов). 2. Бир нерсенин (мис., көпчүлүктүн) агымы, күүсү. *Бул дүйнөдө жуушабаган бир гана, Аркы жакта жаагын жанган суу шары* (Эралиев). *Базардын тамашасын, көрүп келүү үчүн элдин шары менен кошо дарбып келе жаткандар да жок эмес* (Каимов). *Жалын ойноп чалдын эки көзүнөн, Сөздүн шары боло калды бөлүндү* (Токомбаев). 3. Токтоосуз, тез, ылдам. *Керез өзүн Кычандай кайраттуу, шамдагай сезип, жеңил жана шар басты* (Бейшеналиев). *Тообай өмүр бою партада олтуруп көрбөсө да, газетаны шар окуйт* (Абдумомунов). 4. Ачык, маалкатпаган, болгонун түз айтып, ачык жооп берген, мылжыңдап көпкө созуп отурбаган мүнөз. *Шар жигит.* 5. *диал.* Топ таш оюнунда сөөмөйдү ортонго отургузуп, анан ортон менен бармакты жаа түрүндө керип жерге тийгизип, андан таштарды айдап өткөрүү учуру.

**ШАРАДА** *адаб.* Табышмактын татаалдантылган түрү. Мында катылган сөздүн башкы муундары берилет да, ошолордон белгисиз сөз келип чыгат.

**ШАРАК: шарак-шарак** *же* **шарак-шурак** Катуу нерселер кагылышканда, урунушканда ж.б. учурда шалдырттап чыккан дабыш. *Шарак-шарак дөңгөлөктөр ырдаган* (Бөкөнбаев). *Электр мотору күрүлдөп жүрүп, станоктор шарак-шурак, шак-шук, күү-шаа эткен үндөр угулат* (Таштемиров).

**ШАРАКТА** 1. Шарак-шарак этүү, шалдыроо. *Кара чөөгүн да шарактап кайнап чыкты* (Абдукаримов). *Жаңы союлган малдын эти казанда шарактап кайнап жатат* (Абдукаримов). 2. Катуу каткырып күлүү; көңүлү шат, шайыр жүрүү. *Акия, Марусялар көп таназар албай, шарактап күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Жаштар шарактап бийлеп жатышты* (Байтемиров). *Шилтеп колду, басып шарактап* (Рыскулов).

**ШАРАКТАТ шаракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАРАКТАТУУ шарактат** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРАКТАТЫШ шарактат** этишинин кош мамилеси.

**ШАРАКТАШ шаракта** этишинин кош мамилеси.

**ШАРАКТОО шаракта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРАП** Ичкилик. *Жүзүмдөн шарап ачытып, Кургатып алат мейизин* (Үсөнбаев). *Балдыз, жеңе, баарың кел, Ичелик шарап сунушуп* (Үсөнбаев).

**ШАРАПАТ** Бирөөнүн жакшылык жагына тийгизген жардамы, жакшылыгы. *Жакшынын шарапаты жамандын кесепети тиет* (макал).

**ШАРАПАТТУУ** Шарапаты бар, кең пейил, агедил. *Ал адам шарапаттуу адам, акаарат келтирбегиле.*

**ШАРА ТИЛИК** Малдын кулагына узунунан тилинип салынган белги.

**ШАРДАН шары** менен бирдей. *Элдин шарданында жүрө берет* (Качыбеков).

**ШАРДАНА БОЛУУ** Элге билинүү, элге угулуу, жайылып кетүү, белгилүү болуп калуу, жарыя болуу. *Табалуу Кубаныч шардана болбостон, алдыртан болуп жатты* (Жантөшев). *Тымызын таратылган кабар шардана болгондо, канаттуулардын арасында ызы-чуу башталды* (Каимов).

**ШАРДАНА КЫЛУУ шардана болуу** менен бирдей. *Бул окуяны элге шардана кылып жибербегей эле деп, өзүмчө жүрөгүм түпөйүл боло баштады* («Кыргызстан маданияты»).

**ШАРЖ** 1. *адаб.* Адамдын мүнөздүү белгилерин жана ага тиешелүү айрым көрүнүштөрдү азилге алуу менен жазылган сатиралык чакан чыгармалар. 2. *сүр.* Азил. Бирөөнү же бир нерсени карикатура кылып тарткан сүрөт.

**ШАРИЯТ** Куран менен пайгамбарлардын акыл-насаат, осуят сөздөрүнүн, жүрүм-турум эрежелеринин негизинде жаралган ислам дининин атайын мыйзамдык эрежелери. *Мурунтадан бери жакка, Шарият деген жол калган* («Манас» С.О.). *Шариятты укмак бар, куумай жок* (макал).

**ШАРК I** , Сүрүлүүдөн, урунуудан, катуу нерселердин кагылышуусунан келип чыккан добуш.

**ШАРК II** 1. Ыр, ырдоо, чыгып эл алдында ырдоо. *Музоо баштай сары кыз эле да, майрам сайын шарк айтчу. Өзү теңдүүлөрдүн тыкылдагы болчу* (Касымбеков). 2. Күн чыгыш. 1920-жылдары колдонулган термин. *Өкүмөтүбүздүн аркасында шарк эли бүт ойлонду. Санакчы келет эшиктен, Шарк этип кулпу ачылып* (Казыбек).

**ШАРКЕТ** Шериктеш, бириккен. *Ногойлор тил биледи барчалары, Фабрика шаркет кылган соодалары* (Тагай, 1916-ж.).

**ШАРКЫРА** Шарылдап катуу агуу, күрүлдөө. *Дарыянын шаркыраганы Касейиндин үнүн угузбай кетет* (Сыдыкбеков). *Мукай кээде көкөлөгөн асканы, кээде шаркырап аккан сууну карап, таасирленип бара жатты.*

**ШАРКЫРАК** Шаркырап катуу аккан суунун, шаркыратманын дабышы. *Суунун шаркырагы.*

**ШАРКЫРАТ шаркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАРКЫРАТМА** Жардан, тектир жердей же башка бийиктиктен шаркырап куюлуп түшкөн суу.

**ШАРКЫРОО шаркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРЛАТАН** Көз боёо максаты менен өзүн билгич деп көрсөтүүчү киши.

**ШАРНИР** Ашык-машык, механизмдин эки бөлүгүн бириктиргич тегеренме темир, эшик, ачылма каалганын сырткы калыбы менен ички бөлүгүн бириктирип, ачылып-жабылып турушу үчүн колдонулат.

**ШАРП I** Ача туяктуу малдардын (уйдун, койдун, чочконун ж.б.) жугуштуу оорусу.

**ШАРП II: шарп-шарп** Суу толкунунун жээкке урунганда чыккан дабышы. *Толкун келип жарга урат, Кайра кетет шарп этип* (Токтомушев). *Көл толкуну жээкти көздөй түрүлүп, шарп-шарп эткен үн угулат* («Ала-Тоо»).

**ШАРПА** Кандайдыр күчтүү дооштун: дүбүрт, суунун шары же уу-дуу кептин алыскы аралыкка жеткен билинээр-билинбес дабышы. *Сайдагы суунун шарпасы мемиреген тынчтыкта бөтөнчө даана угулат* («Ала-Тоо»). *Үйлөп коюптур деген шарпа уктук* (Мукамбаев).

**ШАРПЫЛДА** Шарп-шарп этүү, шарп-шарп этип толкуу. *Көгөргөн, көл шарпылдайт, Өрдөк, каз ойноп каркылдайт* (Шүкүрбеков). *Каютанын темир дубалынын аркасынан суу шарпылдап, кеменин дөңгөлөгү буркулдайт* («Ала-Тоо»),

**ШАРПЫЛДАК I** Суунун шарп-шарп эткен дабышы. *Төбө жактагы бадалдуу кырдан анда-санда күңүрт гана шарпылдак угулат* (Абдукаримов).

**ШАРПЫЛДАК II** 1. Териден жасалган соот. *Салынганы шарпылдак, Көп калмактын ичинде, Көөдөнү чыгып баркылдап* («Эр Табылды»). 2. *диал.* Көбүнчө тоого чыга турган жалбырактуу өсүмдүк.

**ШАРПЫЛДАТ шарпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАРПЫЛДАТУУшарпылдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРПЫЛДОО шарпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРПЫН** *диал.* Агын суунун кулап акканда чыккан күүсү. *Сайда кукуктөп агып жаткан суунун шарпыны алда кайдан угулат* («Ала-Тоо»).

**ШАРТ I** 1. Талап. *Жаштар уездик начальниктин алдына өздөрүнчө шарт коюшту* (Абдукаримов). 2. Бир нерсеге таасир кылуучу, жалпы ал-абалга таасирин тийгизүүчү жагдай, кырдаал, мүмкүндүк. *Эки өрөөндүн жеринин шартынын кыйла өзгөчөлүгү бар* (Каимов). *Өсүмдүктөрдүн өсүү шарты.*

**ШАРТ II** Тездик менен, өтө чукул арада, дароо, арыдан-бери. *Шарт жөнөп кетүү. Шарт эле айта салуу. Менден көрүп жашоо*

*кандай экенин, мокогуңду мага шарт-шарт жанып ал* (Кулумбаев). *Кез келгенде өзүңө шарт айтылып саламым, Баштан алып калпакты бала боло каламын* (Кыдыров).

**ШАРТМАН** Шайыр.

**ШАРТНАМА** *диал.* Келишим, күбөлүк. *Бир шартнама түзө салды.*

**ШАРТТАШ** Шарт коюшуу, убадалашуу, бир сөзгө келүү.

**ШАРТТАШУУ шартташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРТТУУ** 1. Шарт коюлган, шарты бар. *Кантебиз, башка шарттуу курулуш бул өзөндө жок экен* (Сыдыкбеков). 2. Алдын-ала кабыл алынган белгиленген, сүйлөшүлгөн белги. *Шарттуу белги. Шарттуу аталыш.*

**ШАРТТУУ ТҮРДӨ** Салыштырмалуу, болжолдуу, чамалуу түрдө кабыл алууга, макул болууга мүмкүн болгон жыйынтык, жобо, эреже, себеп. *Шарттуу түрдө ушундай жыйынтык чыгарууга болот. Ал шарттуу түрдө гана боло турган маселе* (Юдахин).

**ШАРТЫЛДА** 1. Катуу дабыш сала жүрүү, катуу дабыш чыгара аракетке келүү. *Оркестрдин шаңдуу үнү, жоокерлердин шартылдап басканы шаардын көчөлөрүн жаңыртып, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө тартты. Толкундап чексиз жаткан көк деңизде, Шартылдап пароходдор тынбай чапкан* (Бөкөнбаев). 2. Бир нерсени тез, шамдагайлык менен иштөө, ыкчам, шаңдуу жүрүү. *Шартылдап элдик иште иштеп жүрөт, Кол жайып кең асмандай келечеги* (Нуркамал). *Жаркырадың жайнап канат, кеңидиң, Шартылдадың илгерилеп теминдиң* (Бөкөнбаев). *Шартылдап бир жөнөдүң алыс жолго, Экөөбүз көлдө сүзүп, көктө сыздык* (Кыдыров).

**ШАРТЫЛДАТ шартылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАРТЫЛДОО шартылда** этишинин кыймыл атоочу. *Аным болсо, кадимкидей шартылдап, чайкап жатты, жууп идиш-аягын* (Кыдыров).

**ШАР-УЧКУЧ** *астр.* Суутек менен толтурулуп, эркин учурулуучу резина шар. Ар кандай бийиктиктеги шамалдын ылдамдыгын жана багыты же булуттуулуктун ылдыйкы чегин билдирүүчү бийиктиктерди аныктоодо колдонулат.

**ШАРФ** Моюн орогуч.

**ШАРШЕ** *диал.* Жапайы бадал өсүмдүгүнүн бир түрү. *Шаршени кара, шаршембиде да таап көрсөтөмүн.*

**ШАРШЕМБИ** Жуманын үчүнчү күнү. Кыргыз элинин накыл кептеринин ичинде: «кара шаршемби» деген сөз айкалышы бар. Элдин түшүнүгүндө – «кара шаршемби» бакытсыздыкты алып келе турган күн.

**ШАРЫЛДА** Шаркырап катуу агуу. *Суу жатпаган жылгалардан шарылдап суулар ташкындап, туш-тушунан өзөнгө куюуда* (Сыдыкбеков). *Толукшуп толуп турган кезегинде Толкундап тоо суусундай шарылдайсың* (Бөкөнбаев).

**ШАРЫЛДАТ шарылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАРЫЛДОО шарылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАРЫП** Ыйык, касиеттүү, кадырлуу. *Аят куран шарыпты, Азиз кылып жаратты* (Молдо Кылыч).

**ШАРЫЯТ к. Шарият.**

**ШАТ** Шаңдуу, көңүлдүү, куунак, шайыр. *Таабалдынын көңүлү шат, жоодурап кабагы ачык* (Бектенов). *Күн узаткан күлкү менен, шат менен, Оттой ысык жалындаган жаш белең* (Самудинов).

**ШАТАЛА** Булганч, кир, шакмар.

**ШАТЕК** Чиркештирип алган аттар.

**ШАТЕКТЕ** 1. Бири-бирине байлаштырып, тизип коюу. *Аттын баарын шатектеп, Кермеге байлап саласың* («Семетей»). 2. Көп, мол, биринин артынан бири. *Эсенгелди жайында кекилик атып келсе, Кышында эски кырманга тузак тартып, чилди жөн эле шатектеп кармоочу* («Жаш ленинчи»).

**ШАТЕКТЕТ шатекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАТЕКТӨӨ шатекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАТМАН** Көңүлдүү, кубанычтуу, шайыр, куунак, шат. *Анна каадасынча шатман жылмайып күйөөсүнүн алдынан утурлай басты.* (Байтемиров). *Мурат жөнүндө унутуп калгандай, Тынымдын көңүлү шатман* (Байтемиров).

**ШАТТАН** Шайырдануу, кубануу; көңүлдүү, куунак болуу. *Шаттанган шайыр жаштар. Кумсарып жаткан боз талаа, Күлкүсү чыгып шаттанат* (Осмонкул). *Шаттан, кыргыз, асыл кызың даанышман, Акырында алды өз ордун тарыхтан* (Жусуев).

**ШАТТАНДЫР шаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАТТАНДЫРУУ шаттандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАТТАНТ шаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАТТАНУУ шаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАТТУУ** Шайыр, көңүлдүү, кубанычтуу, көңүлү куунак. *Жасалгалуу кийинген кыз-келиндер, жигиттер шаттуу ойноп ырдап жатышат* (Бөкөнбаев). *Эми үйдөн көңүлдүү кобурашкан үндөр, шаттуу күлкүлөр угулду* (Каимов). *Көчөлөрү элге толо жыбырап, Шаттуу, таттуу күлкү сөздөр угулат* (А. Үмөталиев).

**ШАТТЫК** Көңүлү шат, шайыр болгон абал, көңүлдүүлүк, кубанычтуулук, куунактык. *Токтогулдун бала чактагы ырдаган ырын*

*окуп отурсак, чексиз шаттыкты, турмушка, келечекке кең карагандыкты көрөбүз* (Бөкөнбаев).

**ШАТЫ** 1. Өйдө карай көтөрүлүп чыгуу, түшүү үчүн ылайыкталып жасалган тепкич. 2. Арабанын чанагынын ушундай формада жасалган эрди жак капталы. 3. Жалбырагы жүзүмдүкүндөй чоң калың келип, бутактары муун-муун болуп өсүп, бышканда карарып өң алып, июль, август айларында жетиле турган тыттын түрү.

**ШАТЫБАР** Түр салынган ажыракай мата. Шатыбар – шайы болду, Мата – баркыт болду (макал).

**ШАТЫРА** 1. Шатыр-шатыр этүү. *Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап, Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап* (Осмонов). *Шатырайт жамгыр жаагандай, Аягы катуу мөндүрлөп* (Рыскулов). *Шатырап күйгөн арча отун.* 2. Төгүлүү, агылуу, биринин артынан бири куюлуу. *Эшикте шатыраган жамгыр.* 3. Көңүлдүү, оюн-күлкүлүү, дуулдаган жүрүштө болуу, дуулдап көңүл ачуу. *Балдар шатыраган бойдон тоону көздөй бет алышты* (Таштемиров).

**ШАТЫРА ШАТМАН** Абдан шат, көңүлдүү, дуулдаган, куунак. *Шатыра-шатман күлкү.*

**ШАТЫРАК** Суюк нерсе. 1. **шатыра** менен бирдей. 2. *өт.* Ич өткөк.

**ШАТЫРАКТА** 1. Шатыраган дабыш чыгарып кыймылдоо, шатыратып төгүү, куюу. *Шатырактатпай, чачыратпай акырын куюштур. Чалчыкты шатырата кечип, чапкан бойдон кетти* («Ала-Тоо»).

**ШАТЫРАКТАТ** **шатыракта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАТЫРАТ** **шатыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАТЫРАТУУ** **шатырат** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАТЫРАШ** **шатыра** этишинин кош мамилеси.

**ШАТЫРОО** **шатыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАТЫР-ШАТЫР** *же* **шатыр-шутур** Жыгач отун жакканда, дабыраткан катуу жамгырда ж.б. учурда чыккан дабыш.

**ШАХ I** Бир катар чыгыш өлкөлөрүндөгү (азыркы кезде Ирандагы) монархтын титулу жана ушундай титулу бар бийлөөчү, падыша.

**ШАХ II** Шахмат оюнунда каршы тараптын королуна кандайдыр бир фигура менен чабуул жасоодо, айтылуучу сөз. *Шах коюу. Шах берүү.*

**ШАХИЗАДА** Хандын уулу, падышанын уулу.

**ШАХМАТ** 1. Актар жана караларга бөлүнгөн 32 фигура аркылуу 64 клетка боюнча ойнолуучу белгилүү эрежеси бар оюн. 2. Ушундай оюндун толук комплектиден турган фигуралары.

**ШАХМАТИСТ** Шахмат ойной билген адам.

**ШАХТА** Кен байлыктары, көмүр алынып жаткан жер жана ошол байлыктарды, көмүрдү казып алуу ишин жүргүзүүчү ишкана.

**ШАХТЁР** Шахтада иштөөчү жумушчу. *Шахтёрлорду таңкы сменага чакырган гудок созолонду* (Сасыкбаев). *Азыр шахтёр эмгеги өнүмдүү да, жеңил да болуп бара жатат* (Сасыкбаев).

**ШАШ** 1. Шашылыш ишке карата ашыга аракет кылуу, ашыгуу, чыдамсыздануу. *Берди издегенин табууга, көздөгөнүнө жетүүгө шашып барат* (Жантөшев). *Шашып консом мен алыстан Ошума, Шамалы келет аэропорттон тосууга* (Мияшев). *Шашылыш бүткөн – иш саз болбойт, Чала бышкан аш-аш болбойт* (макал). 2. Апкаарып, эмне кыларын билбей шашкалактап калуу; оңтойсуздана түшүү, шаштысы кетүү. *Жакен оюндагы сөздү байкоосуздан ачык айтып жиберип, шашып калды* (Каимов).

**ШАШКА** 1. Актар жана каралар болуп бөлүнгөн 32 тегерек таштар менен 64 (же болбосо 100 жана 144) клетка боюнча ойнолуучу оюн. 2. Ушундай оюндун толук комплектиден турган таштары.

**ШАШКАЛАК** 1. Шашма, чыдамсыз, сабырсыз. *Чаргын шашкалак башка сөзгө келбей, жөнөп кетти* (Сыдыкбеков). 2. Бүркүттүн чөлдө жашап, өңү саргыч келип, көбүнчө шашкалактагандай кыймыл жасаган түрү.

**ШАШКАЛАКТА** Карбаластап шаша берүү, чыдамсыздануу, сабырсыздануу. *Жанболот коштошту да, шашкалактап Айнанын үйүн көздөй жөнөдү* (Шимеев). *Ушундай шамал убагында шашкалактап сапырык сапырып жаткан эч ким көрүнбөйт* (Жантөшев). *Кычан шашкалактап сөзгө аралашты* (Бейшеналиев).

**ШАШКАЛАКТОО** **шашкалакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАШКАЛАКТЫК** Шашып жүрүүчүлүк.

**ШАШКАЛАҢ** **шашкалак** менен бирдей.

**ШАШКАЛАҢДА** **шашкалакта** менен бирдей.

**ШАШКАЛАҢДУУ** Шашуу, шашма, шашылыш. *Эр адам шашкалаңдуу болуп калса деп даярдап койгон эле* (Сыдыкбеков).

**ШАШКАНДЫК** Шашып жүргөндүк, шашуучулук. *Шашкандыктан баарын унутуп, баса берипмин* (Качыбеков).

**ШАШКЕ** Убакыт өлчөмү, эртең мененки убак, күн көтөрүлгөн маал (Адатта, эрте шашке, чоң шашке, же улуу шашке деп бөлүнөт). **Эрте шашке** – күн жаңыдан көтөрүлгөн учур, **улуу шашке** – түшкө жакын, жалган түш мезгили. *Эртеңки күнү шашкенде* («Манас» С.О.). *Шашке ченде бадачы айылдын үстүндөгү кырга келип, кыйкыра баштады* (Каимов).

**ШАШКЕЛИК** Аралык өлчөмү, эртең мененден күн көтөрүлгөнчө шашке болгонго чейин атчан адам жүрө турган жол. *Арасы алыс шашкелик* («Манас» С.О.).

**ШАШКЕ ТАРАП** Күндүн жүрүшүнө карата негизделген географиялык багыт, күндүн жаңыдан обого көтөрүлгөндөгү орду тарап, чыгыш түштүк жак. *Шашкелиги Ымалай* («Манас» С.О.).

**ШАШЛЫК** Шишке сайып, отко кактап бышырылган эт, кебеп.

**ШАШМА** Шаша берме адаты бар, шашкалак, чыдамсыз. *Тигил Чаргындын жолун жолдогон Гүлнар тентек андан шашма* (Сыдыкбеков).

**ШАШМАЛА** *диал.* Алты атар мылтык.

**ШАШМАЛА** Шаштыруу, бат болтуруу, тездетүү.

**ШАШМАЛЫК** Шашып кетме, шаша берме адат, өнөкөт.

**ШАШТЫР шаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШАШТЫРУУ шаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАШТЫСЫ КЕТҮҮ** Эмне кыларын билбей алдастай түшүү, шашып калдастоо, калтаарый түшүү, апкаарып калуу. *Колундагы таягы менен жерди сайгылап, камалып калгансып шаштысы кетет* (Жусупов). *Мурда эл алдында чыгып сүйлөп көрбөгөн Нурдиндин шаштысы эми кетти* («Ленинчил жаш»). *Кычан жалама аскага камалып, алактаган тоо кийиктей шаштысы кетти* (Бейшеналиев). *Сайгактан торпоктун шаштысы кетип, удургуп жөнөдү* («Ала-Тоо»). *Район, областан келген инструкторлорго суроолор берип, алардын шаштысын кетирген күндөрү да болот* (Баялинов).

**ШАШУУ шаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ШАШЫЛ шаш** этишинин туюк мамилеси.

**ШАШЫЛЫМЫШ (шашымыш)** Калп эле шашып жаткандай түр көрсөтүү. *Шашымыш болуп, ордунан тура жөнөдү.*

**ШАШЫЛЫШ** Шашууну, ашыгууну талап кылган, тез бүтүрүүгө ашыгып, шашып иштөөгө туура келген. *Шашылыш кабар. Шашылыш иш.*

**ШАШЫЛЫШТЫК** Ашыккандык, тез бүтүрүүгө далалаттангандык, шашкалактагандык.

**ШАШЫР** *диал.* Чачысы топ болуп калдайып өсүп, өзөгү узун чыгып, сүйрү жазы тарам-тарам жалбырак алып, түбүнөн үчтөн-төрттөн сап чачыратып, майланышкан жабышкак зат бөлүп, ачуу жыт берип, көбүнчө кой, эчки жеп, түбү кызгылтым келген өсүмдүк.

**ШАШЫШ шаш** этишинин кош мамилеси.

**ШВЕЙЦАР** Мейманкана, ресторан, мекеме жана турак үйлөрдүн эшик алдында күзөтчү болуп туруучу кызматчы.

**ШЕБЕЛДЕЙ** Жез тумшук, шаман кийминдеги сыйкырчы деген мааниде. *Ал аз десең кыргыздын жез тумшугун, казактын мастенин, шор элинин темир шебелдейин, дагы башка элдердин каардуу күчтөрүнүн бардыгын жибер*! (Жантөшев).

**ШЕДЕВР** Искусствонун, адабияттын эң мыкты ийгилиги болуп саналган, өзгөчө артыкчылыгы, жеткире иштелгендиги менен айырмаланган эң көрүнүктүү чыгарма, чеберчиликтин бийиктигин тастыктоочу үлгүлүү чыгарма.

**ШЕЙИТ I.** 1. *дин.* Ислам дини үчүн өзүн курман кылган адам, жоокер. *Шейит кеткен элдердин, Арбагына сыйынып* («Манас» С.О.). *Шейити дешип түнөшүп, Шек берсе деп, аялдар.* 2. *өт.* Адилет иш үчүн өлгөн, бейкүнөө ажал тапкан адам. *Анатайдын атасы Сатаркул фронтто окко учуптур, шейити болгур* (Айтматов). *Колоту түздөй көрүнүп, Шейиткер болду көп адам* (Казыбек).

**ШЕЙИТ II** Күбө, таныk. *Илгери молдолор: – Сен мусулмансыңбы? деп сураганда, – Ооба, мусулманмын! дейт. – Мусулмандыгыңа шегим бар? десе. – Сенин шегиң болсо, менин шейитим бар, – Шейитиң кайсы? – десе, Шейитим: Ашхаду ан лаа илха иллаллах күбөм: кудай бир, андан башка алла жок, – деп суралган адам жооп берчү.*

**ШЕЙИТ КЕТҮҮ** Ак иш үчүн, эл үчүн жоодо өлүү. *Алмабекке ок жаңылып шейит кетти* (А.Убукеев). *Шейит кеткен эр – дешип* («Манас» С.О.).

**ШЕЙИТТЕР** Ислам дининин бир агымын жактоочулары.

**ШЕЙХ** Арабдарда – уруу, диндик общинанын башчысы, аксакалы.

**ШЕЙШЕБИ БЕКҮҮ** Заарасы токтоп, заара кыла албай калуу, туттугуу. *Кытайда шейшеби бекип өлгөн абышкамдын кунуна бир саан уй берди, – деп ой-тоону сүйлөйт* (Акматов).

**ШЕЙШЕБИ БОШОО** Тез-тез заара кылуу. *Анан шейшеби бошоп, эшик кайтаргандарды бир күндө нечен ирет буй кылат* (Акматов).

**ШЕЙШЕБИН БУЛГОО** Никеге арамдык кылуу, көз жазгыруу. *Башка эмне кылса өзү билсин, шейшебимди гана булгабасын* (Садыбакасов). **В.: Шейшебин тебелетүү.** *Менин ак шейшебимди бирөөгө тебелеттирбегин* («Ала-Тоо»). **Шейшебин аяк асты кылуу.** Ак *шейшебимди аяк асты кылды.*

**ШЕЙШЕБИ ТОКТОО к. Шейшеби бекүү.** *Катыра тулук жол жүрсө, Шейшеби токтоп тутулбайт* («Семетей» С.К.).

**ШЕЙШЕМБИ** Жуманын экинчи күнү. *Алдыбыздагы шейшембиден калбай үйдө болом* (Баялинов).

**ШЕЙШЕП** 1. Жууркандын ичине көктөлүүчү же кийгизилүүчү жатканда астыга салынуучу жука ак кездеме. *Чоң эне ак шейшептин жакасын кайырып, жуурканды кымтып койду* (Сыдыкбеков). *Шейшебин тээп таштап, борбоюп уктап жаткан балага Амантур суктана карады* (Убукеев). 2. Табарсык.

**ШЕЙШЕП ЖАҢЫРТУУ** Жаңы никеге туруу, экинчи жолу үйлөнүү. *Адыке бат эле тогуз кара, беш койду бир айдатып барып шейшеп жаңыртат* (Садыбакасов). *Энебиздин көзү өткөн соң, атабызга шейшеп жаңырткanбыз, – деди Кыдырбай Батийнага* (Сыдык- беков).

**ШЕК** 1. Күнөм, ишене албастыкты, шектенгендикти туудурган белги. *Эч нерседен шек санабаган Атай дулдуңдап жөөлөп кирди* (Бейшеналиев). *Үйдө Жылдызкандын жоктугу Арзыкул үчүн шек туудурду* (Байтемиров). *Шектенүү – шерттешкен достукту бузат* (макал). 2. Билгизүү, туйдуруу, байкатуу үчүн берген белги, кабар, купуя билдирүү. *Уялбадым, тартынчаактык кылбадым, Шек билгизип атыңды атап ырдадым* (Осмонов). *Андрейдин сөздөрү бир шектин четин кылтыйткансып сезилди* (Байтемиров). *Сыдыктын сөзүнө ачуусу келе түшсө да, Белек шек алдырган жок* (Жантөшев).

**ШЕКЕР** Кант (көбүнчө майдасы), кумшекер. *Каттама, мамиле чай, шекер, каймак, Тамактын ар түркүмү бирдеп жайнап* (Осмонов). *Жай сурашсаң: «шекер да жок, ун да жок, Деп сүйлөшөт – өтпөй калды тирилик* (Садыков).

**ШЕКЕРАП** *туурасы:* **шакарап.** *Шекерап сыяктуу жергиликтүү салаттарды болсо, биздин жамаатташ жашаган калктардан үйрөнгөн* (Бөрүбаев).

**ШЕКЕРЕП** *диал.* Бозого кошулган ар кыл таттуу.

**ШЕКЕРИ** *диал.* Гүлү сыя сымал, өзөгү ичке, жерге карай имерилип өскөн өсүмдүк.

**ШЕКИ** Билип калабы деп тынчсызданyy, күйпөлөктөө. *Шеги бар шекийт, шеги жок бекийт* (макал).

**ШЕКИЛДИ** **шекилдүү** менен бирдей.

**ШЕКИЛДҮҮ** Окшош, сыяктуу. *Баланын мээрими музыка шекилдүү* («Ала-Тоо»). *Ал да мен шекилдүү Ала-Тоонун койнунда туулуп өскөн* («Ала-Тоо»).

**ШЕКИН** **шеки** этишинин өздүк мамилеси.

**ШЕКИТ** **шакирт** менен бирдей. *Өгөөсүнө чыдабай, Элүү шекит ноюган. Кылып берген устага, Кырк кулундуу бээ берген* (Саякбай).

**ШЕК КЕЛТИРҮҮ** Сөз тийгизүү, наамын булгоо, сөзгө калтыруу, уят кылуу. *Жок, булар аялдык кылып, анын арбагына шек келтирип жатат* (Бердикеев).

**ШЕКСИЗ** Шек саноого, күнөмдөр болууга негиз жок болгон анықтыкты, тактыкты билдирүү үчүн колдонулат. *Токтогул келечектен шексиз үмүт кылган* (Бөкөнбаев). *Үмүтү кулунуңдун эсеп жеткис, Бар эле толгон тилек сенде шексиз* (Токомбаев). *Шексиз кыйын эмеспи, Шерменде болуш кудайга* (Казыбек).

**ШЕКСИН** **шектен** менен бирдей.

**ШЕКТЕН** Шек алуу, күнөм саноо. *Кычан шектенип, Асылкулдун жанына келди* (Бейшеналиев).

**ШЕКТЕНДИР** **шектен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЕКТЕНДИРҮҮ** **шектендир** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕКТЕНТ** **шектен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЕКТЕНҮҮ** **шектен** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕКТҮҮ** Шеги бар, күнөмдүү. *Бригадир үн чыккан жакка шектүү карады* (Таштемиров).

**ШЕКШИ** **шектен** менен бирдей.

**ШЕКШИН** **шекши** этишинин өздүк мамилеси.

**ШЕКШИНҮҮ** **шекшин** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕЛПЕЙ** Кейпи кетүү, кебетеси начар көрүнүү, чыйрак, тың болбоо.

**ШЕЛПЕЙТ** **шелпей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЕҢИРЕЙ** **шаңырай** менен бирдей.

**ШЕР** 1. Арстан. *Карагай, арча ичинде, Кара кулак шери бар* (Токтогул). 2. *өт.* Баатыр, эр, эр жүрөк. *Калдайган калың эл үчүн Кайраты мол шер жакшы* (Жантөшев). *Чолпонбай нагыз эр болду, Душмандан коркпос шер болду* (Осмонкул). *Ажыдаар бар, шери бар* («Манас» С.О.). *Ооба, шер Манас – шерлердин көкжал сырттаны!* (Мамбеталиев).

**ШЕРБЕТ** Жемиштен жасалган суусундук. *Суу ордуна байбиче Шербет. болду тatkaның* (Жантөшев). *Аселге шербет кошулса* («Манас» С.О.). *Дасторконго дүйүм тамак, шекер-шербет коюлган* (Качыбеков).

**ШЕРДЕН** Кайраттануу, баатырлык кылуу, күчөнүү. *Атактуу кызыл атчандар Өлкөсү үчүн шерденет* (Маликов). *Тилектеш жаштардын кубаттоолоруна шерденген Тенти Албанов да толкундай түштү* (Бейшеналиев). *Энеси артынан келаткан-га бел байлап, Эркин шердене түштү* (Жантөшев).

**ШЕРДЕНИШ** **шерден** этишинин кош мамилеси.

**ШЕРДЕНТ** **шерден** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЕРДЕНҮҮ** **шерден** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕРДИК** Эрдик, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, баатырдык.

**ШЕРИК** Жолдош, бир ишке бирге катыш-

кан киши. *Сулайман-Тоо Ошко ыктап, шерик турат, Эл сыйынып ар жактан келип турат* (Жусуев). *Ага-ини туугган, шериктен, Айланып элге кошулсам* (Казыбек).

**ШЕРИКТЕШ I** Биргелешип иштөөчү, кошо иштөөчү, бирге болуучу. *Таалайымдын шериктеши садага, Тагдырыма буйруп койгон эрмегим* (Нуркамал).

**ШЕРИКТЕШ II** Шериктешип иштөө, биргелешип иштөө, кошо өтөө.

**ШЕРИКТЕШТИК** Биргелешкен экономикалык иш-аракеттер үчүн жеке же юридикалык жактардын бирикмеси. *Көз карандысыз, өлкөлөрдүн шериктештиги.*

**ШЕРИКТИК** Жолдоштук, биргелешип, кошо иштөөчүлүк, бирге болуучулук.

**ШЕРИНЕ** Улам бири кезектешип тамак берүү (көбүнчө кой союу) үчүн уюшулган топ, он чакты кишиден турган өз ара жыйын; ушундай жыйындын тамагы. *Жаш балдардын шеринеси Жакшы кыздын тоюндай* («Семетей»). *Шерине баштап тай союп, Текши баары дуулаган* (Казыбек).

**ШЕРИНЕЛЕШ** Шеринеге чогулган адамдар.

**ШЕРКЕТ** Өнөк, өнөктөш. *Ногойлор тил биледи барчалары, Фабрик шеркат кылган соодалары* (Тагай, 1916-ж.).

**ШЕРМЕНДЕ** 1. Маскаралангандык, ыялуу, көпчүлүккө тике карай албай, баш көтөрө албай калуу абалы. *Элге шерменде кылба. Шерменде болбоюн.* 2. Уятсыз, абийири жок, бузулган. *Элден чыккан шерменде* («Семетей»).

**ШЕРМЕНДЕ БОЛУУ** Абийири ачылуу, уят болуу, маскаралануу. *Анын бети ачылып, институттун жалпы чогулушуна салынып, шерменде болбоду беле* (Бердикеев). **В.: Шермендеси чыгуу.** *Ошенткенде таза ит болуп, шермендебиз чыкмак экен* (Тойбаев).

**ШЕРМЕНДЕЧИЛИК** Уятсыздык, маскаралык, абийирсиздик, бети жоктук.

**ШЕРТ** 1. Ант, убада. *Өлүп кетер шерт кылып* («Семетей» С.К.). *Сөзүң чын, жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов). 2. Шарт, талап. *Оюмдун түбү терең чыксын үчүн, Ант айтып, алдыңызга шерт койгомун* (Токобаев).

**ШЕРТПУЛ** *экон.* Келишимдин бир тарабына төлөмдөрдүн эсебинен жана бардык милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуу үчүн алдын-ала берилүүчү акча суммасы же баалуу мүлк.

**ШЕРТТЕШ** Бири-бирине ант-шерт беришкендер. *Биз шерттешпиз, аныбыз эч качан бузулбайт* (Акиев).

**ШЕРТТЕШТИР** Бири-бирине ант-шерт, убада бердирүү. *Шерттештирип аларды, бүтпөгөн ишти бүтүрдү* (Качикеев).

**ШЕРТТЕШТИРҮҮ шерттештир** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕРТТЕШҮҮ шерттеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕРТТӨӨ шертте** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЕРТТҮҮ** Шерттин талаптары, убадалары, шарттары менен байланышкан, аны моюндаган, берген анты-шерти бар.

**ШЕФ** *суйл.* Ишкананын, мекеменин башчысы, начальниги.

**ШЕФКЕ АЛУУ** Коомдук уюмдар, жеке ишкер, коллектив тарабынан экинчи тарапка маданий, саясий, өндүрүштүк ж.б. жагынан жардам көрсөтүү, камкордукка алуу. *Шибегени капка ката албайсың* (макал).

**ШИБЕГЕ** Тешүү, тешик чыгаруу үчүн колдонулуучу металлдан учтуу кылып жасалган аспап.

**ШИБЕГЕЛИК** Шибеге жасаганга жарай турган, ага ылайык келүүчү темир.

**ШИБЕГЕ МЕНЕН САЙГАНДАЙ БОЛУУ** Өтө катуу тийүү, терс таасир этүүдөн улам катуу чочуп кетүү, ыргып кетүү. *Таштанбек шибеге менен сайгандай болуп ыргып турду да таар чапанын илгиртпей ийнине салды* (Саатов). *Анын бул сөзү шибеге менен сайгандай угулгандыктан, отурган ордумдан тура калдым* (Жантөшев).

**ШИБЕҢДЕ** Жанталашып, кыпчыла калгандык, бир орунга тура албай шапа-шупа кирип кеткендик.

**ШИБЕР** 1. Жайкалып, жыш болуп өскөн калың чөп. 2. Учундагы бүрү тарам-тарам болуп кеткен кичинекей ичке сабактуу чөп.

**ШИБЕРДҮҮ** Шибери көп, шибери жайкалган.

**ШИБИТ** Укроп, чатыр гүлдүүлөр тукумундагы бир, чанда көп жылдык өсүмдүк.

**ШИВЕР** *диал.* Өңү каралжын келип узун, ичке жалпак сабак алып өскөн өсүмдүктүн аты.

**ШИЗОФРЕНИЯ** Жин оорусунун алгачкы мезгилинде байкалуучу кулк мүнөздүн өзгөрүшү. Психика оорусунун бир түрү.

**ШИЛБИ** Тоодо өсүүчү бадалдардын бир түрү. *Шилби көрсөң жулбагын, быбык көрсөң урбагын.*

**ШИЛЕ** Шыпыра, сыдыра жылдыруу, илгери карай түртүү (мис, үйүлүп жаткан данды).

**ШИЛЕКЕЙ** Адамдын, жаныбарлардын оозундагы бездер иштеп чыгаруучу, жеген тамакты нымдаштырып туруучу илээшме суюктук.

**ШИЛЕКЕЙ АЛЫШУУ** Түбөлүк достошуу, өтө ынак болуу. *Антпе, Шаке, шилекей алышкан акыреттик дос элек ко* (Бердикеев). *Аны менен ырыскыны тең бөлүшүп жешкен, шилекей алышкан дос да болуп кетишкен* (Тойбаев).

**ШИЛЕКЕЙИ ТҮШҮҮ** Бир нерсени көрүп

ага абдан куштар болуу, кызыгуу, аны алгысы же жегиси, ичкиси келүү. *Берметтин жасаган күлчөтайы, лагманына ал түгүл ток адамдын да шилекейи түшөт* (Борбиев). **В.: Шилекейи чубуруу.** *Тигиниси Кулубектин аялы, жапжаш..., – деп шилекейи чубуруп кеп кылып келди* (Медетов). **Шилекейи куюлуу.** *Дасторкондогу жайнаган тамакты көрүп, баланын шилекейи куюлуп кетти* («Ленинчил жаш»).

**ШИЛЕКЕЙЛЕ** Шилекейин жугузуу.

**ШИЛЕКЕЙЛӨӨ шилекейле** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИЛЕН шиле** этишинин өздүк мамилеси.

**ШИЛЕНДИ** Суу менен, шамал менен же башка жолдор менен сүрүлүп келген кум, топурак же башка нерсе.

**ШИЛЕТ шиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИЛИ** 1. Кежиге, желке тарамышы. *Берди шилисин кержейте ээгин илгери сунуп, Темирге тигилди* (Жантөшев). *Ал ыктыткансып, шилисин тартканда, кирилдеген күңгүрт дабыш угулду* (Токомбаев). 2. *өт.* Бир нерсенин арты, өйдөнкү, үстү жагы. *Айылдын шилисинде. Мен тиги борчуктун шилисине барып отурдум* (Сыдыкбеков).

**ШИЛИДЕН ӨТКӨРӨ КАРОО** Көзүн албай кадала кароо, тикирейе кароо, теше тиктөө. *Болуш заардуу көзү менен тиги кызыл ала болгон жигитти шилиден өткөрө карап турду* (Жоошбаев). **В.: Көзү шилиден өтүү.** *Тиктегенде адамдын шилисинен өтө түшкөн көк саргыл көзүн бырыштыра тиктеп турду* (Байтемиров).

**ШИЛИЛЕ** 1. Шилиден алуу, шилиден кармоо. 2. *өт.* Бирөөнүн артынан калбай ээрчип алуу, артынан такай түшүү, бура бастырбоо.

**ШИЛИЛЕТ шилиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИЛӨӨ шиле** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИЛТЕ** 1. Басуу, уруу, чабуу, бир нерсени ыргытуу көрсөтүү, же ары-бери кыймылдатуу үчүн бутту, колду, колундагы куралды сермөө. *Тумакчан киши колундагы сумкасын шилтей жөнөдү* (Сасыкбаев). *Карыянын артынан бара жаткан аялдын чалгы шилтеши бош эмес го* («Советтик Кыргызстан»). *Кетменди кере шилтеп кара жерге, Кайраттуу кызыл дыйкан катуу демде* (Бөкөнбаев). *Асманга шилтеп кызылын, Адамдар кырман сапырды* (Акаев). *Үчүнчү жолу калыпмын бир аз көңүлгө, кадамды шилтеп бөлмөнүн тигил төрүнө* (Садыков). 2. *өт.* Жумшоо, буюруу, тукуруу. *Байдын шилтөөсү менен барып эки жигит бечара жардынын жалгыз атын тартып алып, өзүн кызыл камчыга алыш-ты* («Ала-Тоо»). *Мурун айткандын сөзүн ээрчип, шилтеп койсо аңды-дөңдү карабай бир тиет* (Ашымбаев). 3. *өт.* Жазуу, тез аранын ичинде бир нерсени жаза коюу. *Эмгекчилердин майрамына карата бир нерсе шилтей салдым эле, ошол гезитке чыгыптыр деп Болотбек досторуна мактангандай компоюп койду* («Чалкан»).

**ШИЛТЕЛ шилте** этишинин туюк мамилеси.

**ШИЛТЕМ** 1. Кадам. *Эки-үч шилтем жер ага ушунчалык алыс көрүндү.* 2. *өт.* Жакын аралык. *Ушул шилтем жерден барып ата-энеңдин алын сурап коюш сага эмне кыйынбы?..* («Ала-Тоо»). Шилтем жерге машинасы жок экөө басса кандыгынан түшүп калчудай көрөт («Чалкан»). 3. *өт.* Жазуу, көп эмес аз жазуу. *Сагын жиберген катына бир шилтем жооп күтүп жатып чарчады* («Кыргызстан маданияты»). *Бир шилтемдер.*

**ШИЛТЕМЕ** 1. Бирөөнүн эмгегин көрсөтүү, андан алган ой пикирди белгилөө, ссылка кылуу. 2. *диал.* Таарга түшүрүлө турган оймочиймелердин бир түрү. *Шилтеме оюу саясың, күйгүзүп көзду карайсың.*

**ШИЛТЕН шилте** этишинин өздүк мамилеси.

**ШИЛТЕТ шилте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИЛТЕШ шилте** этишинин кош мамилеси.

**ШИЛТИСИН КУРУТУУ** Аябай эзүү, абдан кыйноо, өтө оор абалга жеткизүү. *Промсолдун чоңу эч нерсе бербей же балык кармапай, жээкте жашагандардын шилтисин курутту* (Укаев). **В.: Шилтисин түгөтүү.** *Секелек чагы, баарынан айрылып, ай талаада калган күнү, анан ар кимдин ирегеси шилтисин түгөткөн күндөр көз алдынан чубурду* (Өмүрбаев).

**ШИЛТӨӨ шилте** этишинин кыймыл атоочу. *Аягы бир шилтөөгө келбей калган, Өрт чалып көздөрү да көрбөй калган* (Кыдыров).

**ШИЛЭЭН** Көпчүлүккө берилген тамак-аш. *Элге шилээн бергенде Марттын чери жазылат* (Токтогул). *Көпкө берген дасторкон Шилээни сонун кыргыздын* (Барпы).

**ШИМАЛ** Түндүк тарап. *Шимал жагы Эскимос, Күн батыш жагы Тундура* («Манас»). *Шимал жактан сел келди, Селдей көчүп жер келди, Жер учурган жел келди* («Манас»).

**ШИМЕК** 1. Бешикке бөлөнгөн баланын сийдиги күлтүккө куюлуп туруш үчүн колдонулуучу түтүкчө. 2. Тегирмендин барасын жаргылчактын дан, эгин салынуучу, данды, эгинди майдалоочу үстүңкү бөлүгү менен байланыштыруучу өзөк.

**ШИМЕЛ** *диал.* Чымындын кичине түрү.

**ШИМИ** 1. Бир нерсенин суюк маңызын, майын соруу. *Жиликтин чучугун шимип отурган боз балдар,* («Ала-Тоо»). 2. Аябай

катуу соруп өбүү, катуу өбүү. *Айланага сереп салбай, бул жалганда экөөнөн башка жан жоктой сагынган колуктусун шимий өөп калды* («Ала-Тоо»).

**ШИМИКЧИ** Кандайдыр бир нерседен таттуу затты шимип соргуч. *Шимикчи ааыларды кара.*

**ШИМИЛ** Арыктоо, эти качуу, өңүнөн азуу. *Кан-сөлү жок бозоруп, Жаак эти шимилген* (Бейшеналиев).

**ШИМИР** Ичүү, тынбай тартып жиберүү. *Акмат бергенди кайтарбай шимирип коюп гана, тамактан батыра жеп отура берди* (Убукеев). *Курүчбек чалапты бир топ шимиргенден кийин эсине келет* (Саманчин). *Гүл ичинде түшүп калган күзгүдөй, Жатат Соң-Көл күндүн нурун шимирип* (Акималиев).

**ШИМИРИЛ** **шимир** этишинин туюк мамилеси.

**ШИМИРИШ** **шимир** этишинин кош мамилеси.

**ШИМИРТ** **шимир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИМИРҮҮ** **шимир** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИМИШ** **шими** этишинин кош мамилеси.

**ШИМӨӨР** *диал.* Көк же сары гүл алып, ал гүлдүн түбүн сорууга мүмкүн болгон өсүмдүк.

**ШИМПАНЗЕ** Тропикалык Африканын токойлорунда жашоочу кишиге окшош маймыл.

**ШИМҮҮ** **шими** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИМҮҮР** Жайлоодо топ-топ болуп өсүүчү ширеси таттуу өсүмдүк. *Бала кезде шимүүрдүн гүлүн шимип чоңойдук* (Саспаев).

**ШИМШИ** 1. Тумшугу менен изди же жыт түшкөн башка нерсени жыттагылап издөө, тинтүү, жойлоо (мис, ит, машке). *Маңгыт байкуш төккөн кулду шимшилеп, Кечте келип тиктей берет эшикти* (Гилязетинов). 2. *өт.* Бирөөнү же бир нерсени артынан түшүп издөө, тинтүү (кишиге карата).

**ШИМШИЛЕ** **шимши** менен бирдей. *Каныбекти шимшилеп издөө иши аябай күч алды* (Жантөшев).

**ШИМШИТ** **шимши** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИМШҮҮ** **шимши** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИНА** Дөңгөлөктүн сыртынан кийгизилүүчү темир же резинка алкак.

**ШИҢГИЛ** 1. Жүзүмдүн мөмөлүү бутагы, бүчүргө байланган жүзүмдүн топтому. *Бир шиңгил жүзүм* (Гапаров). 2. Жаак эти качып, шимирилип көрүнгөндүк. 3. Жалбырактары кайчы орун алып, анын боорунан да кайчыланып тарам бүчүр чыгып, жерге жайылып жабышып өскөн өсүмдүк. 4. *өт.* Бир нерсенин кичине бөлүгү, бир үзүмү. *Ышкы илеби козгоор бекен кыз гүлүн, Ышкы алоосун сезер бекен кыз дили? Түн койнунан уккум келет кыз үнүн, Тартууларым – таңкы сүйүү шиңгили* (Байзаков). *Жол али алыс эле. Чалов мурдунан кынкылдап, бир шингил ак үзүм булуту көктө калкыган асманды кээде бет алдынан көрүп, көңүлдүү келатты.* (Сактанов).

**ШИНЕЛЬ** Бели кыналып тигилген, аскер формасы катары кийилүүчү пальто. *Ал тургай аскерге да бирге бардың, Койкойтуп шинель кийип, курал алдың* (Кыдыров).

**ШИНЬОН** Улама чач, кийме чач.

**ШИРГЕ** 1. Энесин ээмп койбос үчүн кулундун мурдунун үстүнө тагылган, эмүүгө тоскоолдук берген калканч. 2. *диал.* Кулундарды бир-бирине моюндаштырып байлап койгон жип.

**ШИРГЕ ЖЫЯР** Эң мыкты жерлеринен тандалып эң узакка, жаздын эң акырына сакталган эт (көбүнчө койдун, уйдун семиз эттеринен). *Согумдун ширге жыяры.*

**ШИРГЕЛЕ** Ширге тагуу.

**ШИРГЕЛҮҮ** Ширге тагылган, ширгеси бар.

**ШИРГҮРҮЧ** Сүткө бышырылган күрүч, сүткө жасалган ботко. *Таң азандан туруп сааган жаңы нак сүткө жасаган ширгүрүчүн ак табакка салып Бегайым көтөрө келди* (Мавлянов).

**ШИРЕ I** 1. Жемиштин же өсүмдүктүн таттуу маңызы, суюк заты. *Кыштактын бак-дарагы дүпүйүп, андан келген жел эзиле бышкан алманын ширесин аңкытат* (Айтматов). *Жүзүмдүн ширеси.* 2. Таттуулук, даам-татымдуулук. *Ширеге түшө калар чиркин таңдай, Адамга таттуулугу балдын кандай* (Шимеев).

**ШИРЕ II** 1. Бири-бирине жабышуу, жабышып улануу, биригүү (эритип же кызытып ширетилген металлга карата). 2. Шыкалып толуп калуу, шыгырап толуу. *Жол бирде кыян жүрүп, кум ширеген кургак сайга түшүп, бирде андан ийрилип чыга келет* («Ала-Тоо»). *Чечиндирип, чалкан менен сабатсын Тикен ширеп, жүрөгүмдү канатсын* (Үмөталиев).

**ШИРЕЛ** **шире** этишинин туюк мамилеси.

**ШИРЕЛҮҮ** 1. Ширеси бар, маңыздуу, даамдуу. *Берекелүү, ширелүү Жүгөрүдөн сүт келет Байып кеткен желинге* (Токомбаев). *Ширелүү алмалары чай чыныдай, Макташса жетип турат көккө төбөм* (Абакиров). 2. *өт.* Кызыктуу, уккулуктуу. *Алымкул өзүнүн журтка сүйкүмдүү үнүн созуп, ширелүү сөздөрүн таптак айтып, ырын узартты* («САЖИ»). *Кыргыз адабияты акындан дагы ширелүү жемиштерди күтөт.*

**ШИРЕНДИ** 1. Шамал сүрүп келип шыкаган, тапталган кар. *Туш-туш жак айтып*

*жеткис алай-дулөй, Ширенди чыраштаkалат карды күрөй* (Токомбаев). 2. Кызыткан, эриткен металлды иштетүүдө чыккан чачыранды учкун. *Ысык шамал, эрксиз эске салчу эле Бетке тийген ширендисин устанын* (Токомбаев). *Дөшү үстүндө балка, барскан алмак-салмак койгулаганда ширендилер бүркөт* (Убукеев).

**ШИРЕҢКАНА** Соода-сатыкта (көбүнчө базарда) сатуучу менен алуучунун ортосуна түшкөн далдалчыга берилүүчү энчи (акча).

**ШИРЕҢКЕ** Учунда чагып тутандыруучу заты бар, кутуга салынган ичке жыгач таякчалар. *Ширеңке чагуу. Ширеңкени, чыракты, күйгөн оттон кылат дейт* (Жангазиев).

**ШИРЕТ ширe** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИРЕТҮҮ ширет** этишинин кыймыл атоочу.

**ШИРЕТҮҮЧҮ** Металлдан иштелген ар кандай жасалгаларды, буюмдарды кол менен жасоо, бөлүктөрүн жыйноо, ондоо, ширетүү иштерин жүргүзүүчү жумушчу.

**ШИРЕШ шире** этишинин кош мамилеси.

**ШИРЕШТИР шиpeш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИРИ** 1. Бодо малдын абыдан каткан, жедеп кургап бүткөн катуу, калың териси. 2. Саба, көөкөр, көнөчөк сыяктуу идиштерди жасоо же бир нерсени каптоо үчүн керектелүүчү бодо малдын ышталган чылгый териси. *Шириден көнөчөк тигүү. «Кыягым үндүү болсун» деп, Кургатып шири каптадың* (Осмонкул).

**ШИРИДЕЙ КАРА** Капкара, ышталган ширидей кара (кишинин өңүнө карата). *Ал учурда [Ракыяга] Бурулчанын эбиреген эрди да, ширидей кара бети да жат көрүндү* (Байтемиров). *Бети-башынын баарын сакал баскан ширидей кара киши бадалдын арасынан чыга калды* (Абдыраманов).

**ШИРИЛЕ** Шири кийгизүү, шири каптоо.

**ШИРИН** 1. Таттуу, даамдуу. *Шерт менен үзүп бергемин Шекерден ширин алманы* (Бөкөнбаев). *Койгон тамактарынын жыты буруксуп деле ширин, деле сонун* (Сыдыкбеков). 2. Кызыктуу, уккулуктуу, жагымдуу. *Жер жүрөгү Москвадан Күүлөр ширин тартылат* (Бөкөнбаев). *Толгон жыйын эл турса Торгойдой ширин тил менен Сайрачу элең, Токтогул* (Бөкөнбаев). *Ак шампандай өзүбүз да көбүрүп, Ширин сөздөр көмөкөйдөн төгүлүп* (Кыдыров).

**ШИРИҢКАНА шиpeңкана** менен бирдей.

**ШИРӨӨ шире** этишинин кыймыл атоочу. *Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй* («Манас»).

**ШИФЕР** Үйдүн үстүн (чатырын) жабууга ылайыкталып, сланецтен плитка түрүндө жасалган материал.

**ШИФОН** Жибектен же пахтадан жасалган өтө жука кездеме.

**ШИФР** *экон.* 1. Жашыруун билдирүүлөр үчүн белгилердин системасы. 2. Документтердеги регистрациялык шарттуу белги.

**ШИФРДӨӨ** *экон.* Жашыруун жазууларды, билдирүүлөрдү шифрдин – тамгалардын, цифралардын, шарттуу белгилердин жардамы менен жашыруун жазуу.

**ШИФРЛА шифрдөө** менен бирдей

**ШИШ** 1. Бир нерсени саюу, көсөө үчүн учу ичкертилген учтуу темир же жыгач. 2. Үй буюмдар отко түшпөс үчүн боз үйлөрдөгү очоктун четине төр жакты тосуп кагып койгон майда казыктар. *Отко жакын шиш күйөт, Энеге жакын кыз күйөт* (макал). 3. Учтуу, учу ичке келген; учталган. *Шиш чоку. Шиш тумшук. Шиш казык.*

**ШИШ КУЙРУК** 1. Ичке, узун куйрук (көбүнчө койлорго карата «куйруктуу эмес, тегерек май куйругу жок» маанисинде айтылат). *Шиш куйрук козулар.* 2. Бир жерге байыр алып отура албаган. *Буларың жедеп шиш куйрук болуп бүткөн тура* («Ленинчил жаш»).

**ШИШЕ** 1. Айнек. 2. Бөтөлкө, чырактын фонары же ар кандай айнек идиштер. *Нас шишеңди берчи.*

**ШИШЕК** Эки жаштагы биттелген кой. *Жаман кой шишегинде карыйт* (макал).

**ШИШЕЛҮҮ** Шишеси бар, шише кийгизилген. *Терезедеги шишелүү лампа араң былбылдөйт.*

**ШИШИ ТОЛУУ** Күнөөсү абдан көбөйүп, ашынып кетүү, эч нерсени көзүнө илбей калуу, өтө көөп кетүү, чегине жетүү. *Мырзабай байдын аябай шиши толгон эле* (Абдукаримов). *Сага элеби какмар! Бирөө жазаңды берер! Шишиң гана толду* (Жусупов). *Адам күнөөгө батып, шиши толгондо андан жакшылык оолактайт тура* (Осмоналиев). *Мунун шиши толду, жакында кызматынан бошойт, – деп Кызылбаш күрпүлдөгөн* (Каимов).

**ШИШИ** Шишикке айланып, чыңалып көөп кетүү. *Рыскулбектин шишиген тултук беттери ого бетер шишип бараткандай* (Токомбаев).

**ШИШИК** 1. Дененин оорудан, урунуу, согулуу сыяктуу башка кырсыктардан улам шишип, чыңалып көөп кеткен, томпоюп калган жери; шишип кетүү илдети. *Жуманын кара көк болуп шишик баскан бетинен күлкү билинбеди* (Жантөшев). *Ажардын бүткөн бою көк ала, эки көзү шишиктен көрүнбөйт* (Жантөшев). 2. *диал.* Шишик ооруга дары катары колдонула турган көп бутак алып 20–25 *см* өсө турган өсүмдүк.

**ШИШИМЕК** Шишиңки тарткан, шишигенсиген. *Атай шишимек көздөрүн үлүңдөттү* (Бейшеналиев). *Алымкул шишимек тартып, аябай сыздап турган ууртун алаканы менен абайлап басты* (Абдукаримов).

**ШИШИМЕЛ шишимек** менен бирдей.

**ШИШИМИК шишимек** менен бирдей.

**ШИШИТ шиши** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШИШКЕБЕК кебеп** менен бирдей.

**ШИШКЕ ОТУРГАНДАЙ** Бир нерсеге абдан кыжалат болуу, сары санаа болуп тынчы кетүү, чыдамсыздануу деген мааниде. *Ыгын келтире албай ичинен кыжынып, шишке отургандай чыдамсызданган Мамбет* (Бейшеналиев).

**ШИШКЕ САЯР ЭТИ ЖОК** Өтө арык, абдан арык, териси менен сөөгүнөн башка эч нерсеси жок, тыртайган. *Өзү жүдөө, өлө турганга окшоп шишке саяр эти жок* (Борбугулов). *Шишке саяр эти жок арык бала эле* («Ала-Тоо»).

**ШИШТИГИЙ** Тумшугу, учу ичке, шиштей болгон.

**ШИШТИЙ** Учтуу болуп чыгып туруу.

**ШИШҮҮ шиши** этишинин кыймыл атоочу.

**ШКАФ** Ичине кийим-кече, китеп, идиш-аяк ж.б. салуу үчүн колдонулган, эшиктери бар, кеңсе, үй эмереги. *Жарашып туш кийизге төркү тарап, Капшытта чоң күзгүлүү кызыл шкаф* (Абдыраманов).

**ШЛАГБАУМ** Темир жолду кесип өткөн жолдордо, чек ара тосмолорунда өткөөлдү жаап коюу же ачуу үчүн колдонулган көтөрүп же түшүрүп турма тосмо.

**ШЛАК** Металлды кен түрүнөн бөлүп эриткенде чыккан же күйүп бүткөн таш көмүрдөн калган катуу масса, калдык.

**ШЛАКОБЕТОН** Цемент, шлак жана кумдун кошундусунан жасалган бетон.

**ШЛЕМ** Аскер кызматындагылардын, спортсмендердин, учкучтардын, танкисттердин ж. б. атайын жасалган баш кийими.

**ШЛЮЗ** 1. Өзөндө, каналда кемелерди плотина аркылуу өткөрүү үчүн тургузулган курулуш. 2. Суунун деңгээлин жөнгө салып туруу үчүн плотиналардан тургузулган жылма дарбаза.

**ШЛЯГЕР** Белгилүү эстрадалык ыр, мелодия.

**ШЛЮПКА** Кораблдин каптал боолоруна асылган, керек учурларда сууга түшүрүүгө ылайыкталган калактуу кайыктар, жөнөкөй жыгач кайыктан айырмалуу бардык чакан моторлуу же жел кемелер.

**ШЛЯПА** Төбөсү тегерек жана бийигирээк келип, этек жагы кайрылган баш кийим.

**ШМУЦТИТУЛ** *сур.* Китеп графикасында жана полиграфияда титулдун астыңкы бетиндеги, китептин аты жазылган өзүнчө барак же китептин кайсы бир бөлүгүнүн аты жазылган бет.

**ШНУР** 1. Боо, ичке жип, шоона. 2. *эл.* Сырты ток өткөрбөс нерселер менен оролгон электр сымы.

**ШОВИНИЗМ** Улутчулдуктун ашынган, реакциячыл формасы.

**ШОВИНИЗМ** Өз улутун өзгөчө, артыкча санап, башка элдерди жек көрүүгө, кемсинтүүгө үгүттөп, улуттар арасында кастыкты туудуруучу реакциячыл улутчулдук.

**ШОВИНИСТ** Шовинизмге берилген киши, реакционер.

**ШОДОЙ** 1. Жалбырак бутагынан ажырап, жылаңачтанып калуу, узун, ичке көрүнүү. *Добул уруп, апийимдер шодоюп калды.* 2. Арык, узун (адамга карата). *Сырттан шодойгон бирөө шып кирип келди. Эмне мынча шодойуп арыктап кеткенсиң?* 3. *өт.* Жалгыз, канат-бутаксыз калуу, бардыгынан ажыроо. *Мына ошончо каптаган бүлөдөн бүгүн шодоюп Беккул экөөбүз гана кайтып барабыз* (Элебаев).

**ШОДОЙТ шодой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОДОКОНДУН БҮРКҮТҮНДӨЙ** Жулкунуп, жутунуп турган, нысапсыз. *Шодокондун бүркүтүндөй эле жутундум* (Кыдырмышев).

**ШОДОНДО** Өңгүл-дөңгүл желүү, сороң-сороң этүү.

**ШОДОҢДОО шодоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОДОҢДОТ шодоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОДОҢДОШ шодоңдо** этишинин кош мамилеси.

**ШОДОЮУ шодой** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОЙКОМ шойкон** менен бирдей.

**ШОЙКОН** Шоктук; чыр-чатактуу иш. *Бир шойконду баштап жүрүшпөс бекен, таяке?* (Абдукаримов).

**ШОЙКОНДУУ** Шойкону бар, жоболондуу, чыр-чатактуу. *Мына, шойкондуу бала, шоктугуң түбүңө жетип коё жаздады* (Касымбеков). *Мансурдун шойкондуу митаам көзү арамзалык менен күлүңдөгөндөй болду* (Абдукаримов).

**ШОК** Психикалык күчтүү таасирдин же катуу жарадар болуунун натыйжасында жалпы организмдин функцияларынын кескин бузулушу, алсырашы, өзүн жоготкондой абалда болуу.

**ШОК** Тентек, шайкелең, оюнкарак, шайтандуу. *Шок Данияр жалындуу көздөрүн ойноктотуп, эжесин коштоп жөнөдү* (Бейшеналиев). *Кайыр күлкүлүү, сөзгө чебер, жолдошторуна шок боло турган* (Токомбаев).

**ШОКОЛАД** Какао менен канттан конфет же плита түрүндө жасалган кондитер азыгы.

**ШОК ООЗ к. Оозу шок.**

**ШОКТОН** Тентектик кылуу, шоктук кылуу, оюнкарактануу. *Керме тоонун келинкызы, Тийип-качып шоктонот* (Токомбаев).

**ШОКТУК** Тентектик, тартынбаган тамашакөйлүк, ойнооктук, шок кишиге мүнөз-

дүү сапат. *Даниярдын таңыркаган көз карашында жаш баланын шоктугун мейличи деп кечирген өңдүү мээрим бардай* (Айтматов). *А көрөкчө ата жолун улантып, Ак эмгектүү дыйкан болгун шоктонбой!* (Күрүчбеков).

**ШОЛ ошол** менен бирдей.

**ШОЛОК: шолок-шолок этүү** Жашы тыйылбай өпкөлөп ыйлоо. *Шолок-шолок ыйлай бердиң... Чуркап кеткен кезимде* (Бөкөнбаев).

**ШОЛОКТО** Шолок-шолок этип ыйлоо, көзүнүн жашы токтобоо. *Турсун ички үйгө шолоктоп киргенде энеси кийим тигип олтурган экен* («Жаш ленинчи»). *Эрке кыз шолоктоп ыйлагандай болсо бөйрөктөрү солкулдайт* (Байтемиров). *Неге жумдуң күлкү чачкан жүзүңдү, Адам эмес, көк ыйлады шолоктоп* (Байзаков).

**ШОЛОКТОО шолокто** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОЛОКТОТ шолокто** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОЛОКТОШ шолокто** этишинин кош мамилеси.

**ШОҢШОГОЙ** Шоңшойгон, сороюп, бийик тартып көрүнгөн.

**ШОҢШОЙ** Сороюу, шоңшогой тартуу, шуштуюу. *Биз жакындай бергенде баягы сарайчанын жанынан шоңшоюп, дагы бир-эки боз үй көрүндү* (Элебаев). *Көк дөбөт элден четтеп барып, шоңшоюп отурду* (Баялинов).

**ШОҢШОЙТ шоңшой** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОҢШОҢДО** Бир нерсе издегендей желип-жортуп, эки жагына каранып жүрүү, келүү.

**ШОО** Учук, боо.

**ШООДАЙ** Жалгыз, сороюп. *Белден бир киши шоодай болуп чыга келди.*

**ШООДУРА** Шамал соккондо шуудураган-сыган дабыш чыгаруу (камышка же башка өсүмдүктөргө карата). *Шамал соксо шоодурайт Камышынын табышы* («Жазгыч акындар»). *Түн бар бекен биздин жердин түнүндөй, Жибек болуп миң буралган шоодурап!* (Эралиев).

**ШООДУРАТ шоодура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШООДУРАШ шоодура** этишинин кош мамилеси.

**ШООДУРАШУУ шоодураш** этишинин кыймыл атоочу.

**ШООДУРОО шоодура** этишинин кыймыл атоочу.

**ШООК** Көңүл ачар оюн-тамаша, эрмек. *Асан карыя менен Сатылгандын үйлөрү жатактагылардын шоок жайы боло турган* (Токомбаев). *Бала деген энеге шоок. Анын көңүлүнө шоок болгон жалгыз гана Айымкан* (Каимов).

**ШООКУМ** 1. Үн, дабыш. *Ошол учурда мемиреген түнкү тынчтыкты бузуп, күн күркүрөп, жамгырдын шоокуму угулат* («Ала-Тоо»). *Бардык тизмени акыр-аягына чейин угууга мажбур болгон эл анчалык көп шоокум салбай, акырына чейин күттү* (Абдукаримов). 2. Кабар, дарек, дайын, белги, жышана. *Шоокум берүү. Шоокуму билинүү.* 3. Шоола, жарык. *Таратып шоокум асманга, Таң атып келе жатканда* (Алмазбеков). *Түн ичинде чагылгандай жаркылдап, оттун шоокуму чагылышат. Айдан жарык күн бүтүп, Күн шоокуму нур бүтүп* (Тоголок Молдо).

**ШООКУМДА** Шоокум чыгаруу, жарык, элес көрүнүү, үн чыгаруу. *Шоокумдап шашма суу агып, Капчыгай ичи жаңырган* («Ала-Тоо»).

**ШООКУМДАН шоокумда** этишинин өздүк мамилеси. *Жакынкы сайдан суунун шоокумданган үнү угулат. Тоо-тоонун чокулары шоокумданып көрүнө баштады.*

**ШООКУМДАТ шоокумда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШООКУМДАШ шоокумда** этишинин кош мамилеси.

**ШООКУМСУЗ** Үнсүз, дабышсыз, шоокуму жок.

**ШООЛА** Нур, жарык. *Айдын шооласы Чолпонбайдын бетине таамай түштү* (Жантөшев). *Күн баткан сайын иңир шооласы түшө берди. Жер таңдын жарык шооласына бөлөнгөн* (Бейшеналиев). *Ажайып таң аткандай шоолаланып, Ак үйдүн чокусунда делбиреген* (Мамбеталиев). *Шоола чачып келаткан таң үмүтүн жандырат* (Стамов).

**ШООЛАЛА** Жарык түшкөнчө кичине ачып, кыңайтып коюу. *Эшикти кичине шоолалатып койсоң.*

**ШООЛАЛАН шоолала** этишинин өздүк мамилеси.

**ШООЛАЛАНТ шоолалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШООЛАСЫ ЖОК** Акылсыз, пайдасы тийбеген, жардамы жок, жөндөмсүз, арсыз. – Эй, *тырышкан кандай өжөр эмесиң. Сен кайдан чыккан машаяксың, ыя? Ушундай да шооласы жок акылсыз болосуңбу?* (Саатов).

**ШООЛАСЫЗ** Нурсуз, жарыксыз, шоола жок.

**ШООЛДО** Абанын катуу, күчтүү агымы. *Шамал боз үйдүн үзүк-туурдугун делпилдетип шоолдоп кирет. Отту шоолдотуп жаккыла.*

**ШООЛДОТ шоолдо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШООНА** 1. Кап, кийиз ж.б. сыяктуу калың материалдарды тигүү, көктөө үчүн колдонулуучу жүндөн ийрилген жоон жип. *Эрке кыз баштыктын оозун эки-үч кайталап шоона менен кайып таштады* (Байте-

миров). *Байбиче бир түрүм шоона алып келчи* («Эл адабияты»). 2. *өт.* Ичке. *Шоонадай арыктаптыр. Шоонадай түтүн чыгат.*

**ШООНА ЭШЕ АЛБОО** Эч нерсеге жарабоо, башкаларга тең келе албоо, *Эртели-кеч мындай майрамдарга биздин өнөрпоздор катышып калса, бүгүнкү турушубуз менен шоона эшпей калып жүрбөйлү?* («Кыргызстан маданияты»). *Көбүбүздүн эле калпыбыз бар, бирок баарыбыз Ит атардын жанында шоона эшпей калабыз* (Жигитов).

**ШООРАТ** 1. Алыска жеткен үн. 2. *өт.* Даңк, атак, даңаза, таанымалдык. *Шооруk келди сарайга, шоораты кетти далайга* (фольк.). *Бул ааламда жаркып улам жылдызың, буюрса дейм оомат, шоорат кыргызым* (Гилязединов).

**ШООТ** 1. Сөздү башка мааниге айландыруу, башка темага буруу. *Акбар сөздү тамашага шоото сүйлөдү* (Убукеев). 2. Шылтоо кылуу; себеп таап тийишүү. *Эки адамдын башы кошулган жер болсо, эмнегедир шоотуп, Атабек Кылымканды чакырып көздөн өткөрөт да отурат* (Жантөшев).

**ШООТУУ** **шоот** этишинин кыймыл атоочу.

**ШООШАК** 1. Сазда өсүүчү катуу чөптүн бир түрү. *Орулбай калган камыш, шоошактарды да оруп пайдаланууну уюштуруу керек* (Убукеев). 2. Колдун манжалары.

**ШОП: шоп этип** Байкоостон, күтүлбөгөн жерден. *Короонун төмөн жаккы четинен шоп этип машина чыкты да токтой калды* (Жантөшев). *Үч азамат жүгөрүнүн арасынан шоп этип чыга келишти* («Жаш ленинчи»).

**ШОР I** 1. Туздуу топурак. *Эшилген аппак шор басып, Орчун-орчун жол басып* («Семетей»), *Кеберленген шорду тепсеп мүрөк суу Кеткен тура жашыл жакут чөгөрүп* (Токомбаев). 2. Туздуу, тузу бар. *Шор суу. Шор топурак.* 3. *өт.* Азап, кайгы, муң. *Бешенеңе бүтүптүр, Арылбаган катуу шор* (Токтогул). *Мени кара шор кайнаган тозоктон, Мени кара май кайнаган оюктан* (Кулумбаев).

**ШОР II** Суюктукту катуу, тез-тез ууртаганда же мурдун тартканда чыккан дабыш.

**ШОРБАК** **шорбок** менен бирдей.

**ШОРБОК** Тузга чыланып кайнатылган жүн, көбүнчө төөнүн чуудасы.

**ШОРБОКТО** Шишикке шорбок тартуу.

**ШОРГОЛО** Чубуруп агуу, чубуруп, токтобой куюлуу. *Карынын жаңы эле сүрткөн жашы кайра шорголоду* (Токомбаев).

**ШОРГОЛОО** **шорголо** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОРГОЛОТ** **шорголо** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОРДО** Шору катуу, азап тартуу, кыйналуу. *Оң далысын ойдуруп Онтоп жүрдү Күлчоро, Сол далысын сойдуруп Шордоп жүрдү Күлчоро* («Сейтек»).

**ШОРДОГОЙ** Көзүнөн шор аккан адам.

**ШОРДУУ** 1. Шору көп, туздуу. *Шордуу жер.* 2. *өт.* Шору каткан, азаптуу, байкуш. *Көбүнүн угат жашыган: «Түндө шордуу жантаслим болуптур»* (Ж. Алыбаев). *Шордуу жаш кыз, муңу менен Жутту кайгы жалынды* (Токомбаев). *Шордууга шорполуу тамак жакпайт* (макал).

**ШОРЕК** 1. *диал.* Алабата. 2. Туздуу сууга бышкан буурчак тамак. 3. Эттин сорпого чыккан даамы, сорпо. *Мейли үй-бүлөсү менен ээн жайкын шорек кылып ичишсин* (Садыбакасов).

**ШОРКЕЛДЕЙ** Бакытсыз, азаптан башы чыкпаган, шордуу. *Жору канаттуунун эң чоң, көрөгөчү. Бирок, тарптан башкага алы жетпеген шоркелдей* (Бейшеналиев). *Сен экөөбүз мобулар кичинесинде шоркелдей күндү да өткөрбөдүкпү* (Бейшеналиев).

**ШОРКУРА** Конурук тартканда же суюк тамак ичип жатканда ооздон шоркураган дабыш чыгаруу. *Тамакты шоркуратпай уурта. Шоркураган кан чыгып, коркурай түшүп жан чыгып* (фольк.).

**ШОРКУРАТ** **шоркура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОР КҮЙРӨК** Чөптүн түрү. *Алабата, шор күйрөк, Төөнүн жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**ШОРЛОТ** **шордот** менен бирдей.

**ШОР МАНДАЙ** Бактысыз, таалайсыз, багы жок. *Сен бир шор маңдай экенсиң.*

**ШОРО** 1. *диал.* Шору чыгып турган кыртыш. 2. Жердин бетин каптаган туздуу ак кебер. *Дайранын жээги ак шоро, төгүп койгон туздардай.* 3. Ачуу, кыйгыл даам. 4. Суусундук түрү. 5. **шорек II** менен бирдей. *Арык койлор шоронун сөңгөгүн кемирип, жандарын жанга уруда.* 6. Көздөн шоролуу жаш тынбай ага берип, кычыктарга чылпак сымал шоролуу кеберлердин чогулушу. *Көзүнөн шоросу, көкүрөгүнөн дарты кетпеди.*

**ШОРОЛО** Көздөн шоролуу жаштын агып турушу.

**ШОРОЛОН** **шороло** этишинин өздүк мамилеси.

**ШОРОЛОНТ** **шоролон** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОРОЛОНУУ** **шоролон** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОРОЛУУ** Шоро каптаган, шоросу туруп калган. *Жаш агып, кызарып турган шоролуу көзү.*

**ШОРПО ИЧҮҮ** Жазасын алуу, жаза тартуу. *Жолбундун көрөр күнү ушул. Ушул шорпоңду ичкенге сүйүн* (Бейшеналиев).

**ШОРПО** **сорпо** менен бирдей.

**ШОРУ АРЫЛБОО** Азап тартуу, азаптан

башы чыкпоо, өтө кыйналуу. *Муңканган кайгыдагы муңдуу элим, Деги бул арылабы шоруң сенин* (Турусбеков).

**ШОРУ КАЙНОО** Азап тартуу, кырсыкка, бактысыздыкка учуроо, катуу кыйналуу. – *Шордуу... ай! Шоруң кайнап калбаса экен, – деп кара катын Акбаланы кучактап калды* (Укаев). *Жаш балам менен аялыма ээ бербей калганын карышкыр кырса, менин шорум кайнайт экен да* (Осмоналиев). *Дагы бир шор кайнап жүргөн күнү көчөдө келе жатып, бир казак жигитке жолуктук* (Элебаев). **В.: Шору катуу.** *Шоруңката электе ыгын таап, агаңан кутулгун!* (Осмоналиев). *Мен ошонун мактоосу менен Берметке кабылып, шорум катып кала жаздабадыбы?* (Абдукаимов).

**ШОРУ КАЛЫҢ** Азаптан арылбаган, таалайсыз, багы жок деген мааниде. *Шору калың байкуш экенсиң го! – деп кемпир мага жарма сунуп жатып шыпшынып койду* («Ала-Тоо»).

**ШОРУЛДА шоркура** менен бирдей. *Суу ууртайт да шорулдайт, Сүйлөп коёт кобурап* (А. Токоев).

**ШОРУЛДАТ шорулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШОРУЛДОО шорулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШОРУН КАЙНАТУУ** Азаптан арылтпоо, аябай эзүү, абдан кыйноо, чоң кырсыкка учуратуу. *Кедейлерди кыңк этип баш көтөртпөй алардын термелеген мээнетчилдигинен пайдаланып шорун кайнатууда* (Бейшеналиев). *Кайберен болсо да эликтин шорун кайнатат элем* (Жусупов). **В.: Шорун шорподой кайнатуу.** *Кандай болсо да бир шылтоо таап, бул камбыл немени шорун шорподой кайнатуу керек деп ойлоду Мырзабай* (Абдукаримов). **Шорун шакардай кайнатуу.** *Шашпа, куу туяк томор, шоруңду шакардай кайнатпасам элеби! – деп Касымбек кекенип отурду* (Бейшеналиев). **Шорун катыруу.** – *Кайненеси каардуу экен, Кундуз байкуштун шорун катырып, аябай кыйнап салыптыр* (Эсенкожоев). *Ошондо көргүлүктү көргөзүп, шорубузду катырат* (Бейшеналиев).

**ШОРУҢ КАТКЫР** Бирөөгө карата бактысыз байкуш, шордуу, бечара деген сыяктуу, бир жагынан боор ооруу, аео, бир жагынан жемелөө иретинде колдонулат. *Шоруң каткыр, ылымта жер тапсаң го жакшы* (Осмоналиев). *Шоруң каткыр, көздүн жаздымында калды* («Чалкан»).

**ШОССЕ** Шагыл төшөлүп же асфальт, бетон менен капталып, рельсасыз жүрүүчү унаага арналып жасалган жол. *Жардын үстүнөн таш төшөлмө шоссе жол өтөт* (Сасыкбаев). *Азыр Кыргызстандын бардык райондору шоссе жолдор менен байланыштырылган, алардын көпчүлүгү асфальт менен төшөлгөн.*

**ШОУ** Көрсөтүү. Коомдук жана маданий турмушта болуп өтүүчү шаан-шөкөттүү, салтанаттуу көргөзмө.

**ШОУ-БИЗНЕС** Атагы чыккан ырчы, актёрлордун концерттик программаларынан киреше табуу.

**ШОУ-БИЗНЕСМЕН** Шоу-бизнесте иштеген адам.

**ШОУМЕН** Конкурс, концерт, музыкалык программалардын активдүү катышуучусу же алып баруучусу.

**ШОФЁР** Автомобиль айдоочу. *Шофёр сигнал берип, жөнөөгө чакыра баштады* (Бейшеналиев). *Сабырбек мыкты шофёрлорунун бири.*

**ШӨДӨЙ** 1. **шодой** менен бирдей. 2. Чүрүшкөн, бүрүшкөн. *Кемпир шөдөйгөн арык колдорун асманга сунуп батышта жүргөн уулдарына кудайдан өмүр тилеп жатты* («Ала-Тоо»).

**ШӨКӨТ** 1. Коюздук, байкерчилик. 2. **шаан-шөкөт** менен бирдей.

**ШӨКӨТТӨ** Кооздоо, шаан-шөкөттөө.

**ШӨКӨТТӨН шөкөттө** этишинин өздүк мамилеси.

**ШӨКӨТТӨӨ шөкөттө** этишинин кыймыл атоочу.

**ШӨКӨТТӨШ шөкөттө** этишинин кош мамилеси.

**ШӨКҮЛӨ** Бойго жеткен кыздар кийүү үчүн кооздолуп жасалган төбөсү шукшугуй бийик баш кийим. *Шөкүлөсү көк тиреп, Саймалуу көйнөк кош этек, Саамайы желге желбиреп. Каз элечек келиндер, кундуз кийген, шөкүлө кийген кыздар жаш талдай болуп буралып жайнап чыга келди* («САЖИ»). *Кыл такыя шөкүлө, Кызыр даарып кеткендей* («Эл адабияты»).

**ШӨКҮЛӨЛҮҮ** Шөкүлөсү бар. *Курортко бай, кырка тоонун чокусу, Окшоп кетет шөкүлөлүү келинге* (Токомбаев).

**ШӨЛБҮРӨ** 1. Кенен, узун келип, жарашыгы жок көрүнүү, шөлпөйүү (кийимге карата). 2. Шөмтүрөп суу болуу.

**ШӨЛБҮРӨӨ шөлбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

**ШӨЛБҮРӨТ шөлбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШӨЛБҮРӨШ шөлбүрө** этишинин кош мамилеси.

**ШӨЛПӨЙ** Шөлбүрөө, кенен, узун болуу; жүдөө көрүнүү. *Бул какыйган тың абышка дүкөнгө кирери менен шөлпөйүп, далысын бүкчүйтүп, акырын үшкүрүнүп, күбүрөп калуучу* (Ала-Тоо»). *Көйнөгү шөлпөйүп кенен келип калды.*

**ШӨЛПӨЙТ шөлпөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШӨЛПӨЙҮҮ шөлпөй** этишинин кыймыл атоочу.

**ШӨЛПҮЛДӨ** Эптеп, арандап желдирүү.

**ШӨЛПҮЛДӨТ шөлпүлдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШӨЛТӨЙ** *диал.* Эч түккө турбаган жаман-жуман нерсе, иш.

**ШӨМТҮРӨ** Өтө суу болуп, кийим-кечеси шалбыроо. *Базарбектин кийими шөмтүрөп, өтмө катарынан суу өтту* (Каимов).

**ШӨМТҮРӨТ шөмтүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШӨӨЛӨ** Эттин нак шорпосуна күрүч, жашылчалар кошулуп даярдалган тамак түрү.

**ШӨРТӨЙ-МӨРТӨЙ** Эптеп бүтүрө салган, толук бүтпөгөн, мааниси жок. *Шөртөй-мөртөй иштериңерди койгула.*

**ШПАРГАЛКА** 1. Тигил же бул тема, суроо боюнча студенттер жана окуучулардын жооп берүү үчүн жашыруун даярдалган кагазы. 2. Эске түшүрүү, унутуп калбас үчүн атайы жазып алган кагазды да ушундай аташат.

**ШПИЛЬКА** 1. Аялдар чачын беките турган ачакей келген сайгыч. 2. Шляпага сайылуучу нерсе.

**ШПИНАТ** *бот.* Жашылча өсүмдүктүн бир түрү.

**ШПИОН** 1. Бир мамлекеттин согуштук же мамлекеттик сыры жөнүндөгү маалыматтарды астыртан жыйнап же ага байланыштуу материалдарды уурдап, экинчи бир мамлекетке жашырын түрдө жиберип туруучу киши. 2. *сүйл.* Бирөөнүн артынан андуучу, изине түшүүчү киши, тыңчы.

**ШПИОНАЖ шпиондук** менен бирдей.

**ШПИОНДУК шпионго** таандык, шпион жасаган иштер. *Шпиондук маалыматтар. Шпиондук тапшырмалар.*

**ШПОРА** 1. Өтүктүн апкытына кадалуучу, ат темингич темир. 2. Текөөр.

**ШПРИЦ** Дарыларды денеге куюу үчүн ылайыкталган цилиндр формасындагы түтүк аспап. Ичиндеги дары поршенди кысуу менен ийнеден өтөт.

**ШРИФТ** 1. Басмаканадагы куйма тамга, металл арип. *Майда шрифт. Курсив шрифт.* 2. *сүр.* Чыгарманын тексттик элементтеринде сүрөтчү колдонуучу композициялык сүрөттүн тамгалар менен белгилеринин ички шарттанган биримдиги, белгилүү бир мүнөзү. 3. *комп.* Комьютердик программадагы тамга түрү.

**ШТАБ** 1. Аскер күчтөрүн башкарып, команда берип туруучу орган. *Фронттун штабы немецтерден жаңы гана бошотулуп алынган кыштакта экен* (Бөкөнбаев). *Байсалов штабдын башчысы чакыргандыктан, шашып телефонго кетти* (Сасыкбаев). 2. Жетекчи орган. *Барактардын биринде участоктун курулуш штабы орношкон* (Сасыкбаев). *Чек арачылардын башкы штабы.*

**ШТАМП** 1. Мекеменин, уюмдун наамы көрсөтүлүп, кагаздын көбүнчө жогорку жаккы сол бурчуна басыла турган мөөр. 2. Бирдей деталдарды же кандайдыр бир окшош нерселерди сериялуу түрдө жасап чыгарууда колдонулуучу металл форма, аспап. 3. *өт.* Бир нерсени иштөөдө көнүмүш, адат боюнча колдонулуп келе жаткан үлгү, калып. *Көндүм боло баштаган штамптан качып, актёрлордун диапазону кеңейди* («Ала-Тоо»).

**ШТАНГА** 1. Футбол дарбазасынын өйдө жагындагы туура жыгачы. *Топ штангага тийип, кайта башка жакка ыргыды.* 2. Оор атлетикада колдонулуучу, эки учунда кийгизилме дискалары бар металл стерженден турган курал. *Штанга көтөрүү.*

**ШТАНГИСТ** Штанга көтөрүүчү спортсмен.

**ШТАПЕЛЬ** Жасалма буланын жибинен токулган тыгыз кездеме. *Штапель кездемелер.*

**ШТАТ I** *саяс.* Кээ бир федералдык республикалардын (АКШнын, Индиянын, Латын Америкасындагы ж.б.) составына кире турган жана өзүн өзү башкаруу укугунан ал же бул даражада пайдалана турган мамлекеттик-территориялык бирдик. *Америка Кошмо Штаттары. Мадрас штаты.*

**ШТАТ II** 1. Бир мекеменин кызматкерлеринин туруктуу курамы. *Штатка киргизүү. Штатты кыскартуу.* 2. Мекеменин кызматкерлеринин саны, кызматы жана милдеттери жөнүндөгү жобо. *Штат боюнча белгиленген орун.*

**ШТАТИВ** 1. Сүрөт, видео тартканда аппарат бекитилүүчү үч буттуу тирөөч. 2. Лабораторияларда приборлордун астына коюлуучу түпкүч. *Микроскоптун штативи.*

**ШТЕМПЕЛЬ** Бир нерсени күбөлөндүрүү, белги салуу үчүн колдонулган, бетинде белгилери (бир нерсенин сүрөтү же жазуусу) бар аспап, мөөр. *Почта штемпели.*

**ШТЕПСЕЛЬ** Жылдырылма, көчүрмө электр приборлорун (лампа, плитка, радиоприемник ж.б.) электр тармагына кошо турган боонун башкы бөлүгү.

**ШТОПОР** Бөтөлкөнүн тыгынын чыгаруучу куралы.

**ШТОРА** *к.* **парда.**

**ШТОРМ** Деңиздеги катуу шамал. *Катуу шторм. Штормго туруштук берүү.*

**ШТРАФ** *к.* **айып пул.** *Штраф салуу. Штраф алуу. Штраф төлөө.*

**ШТРИХ** 1. Майда сызык. 2. *сүр.* Белгилүү бир линиялык көркөм сүрөттүк системанын курамдык бөлүгүн түзгөн, колдун бир шилтеми менен аткарылган сызык. 3. *өт.* Мүнөздүү белги.

**ШТУКАТУРКА** Курулушту шыбоо үчүн акиташ, кум, цемент аралаштырылып жасалган масса жана шыбалгандан кийинки кургаган, каткан катмары.

**ШТУРВАЛ** Кемени, самолётту, комбайнды ж.б. буруу, кыймылын башкаруу үчүн тегеретип туруучу дөңгөлөк сыяктуу руль.

**ШТУРМ** Чыңдалган, бекемделген пози-

цияга, сепилге коюлган чабуул, чечкиндүү аракет. *Штурм менен шаарды алууну көздөшту.*

**ШТУРМАЛА** Штурм жасоо, штурмга өтүү, чабуул коюу.

**ШТУРМАЛОО штурмала** этишинин кыймыл атоочу.

**ШТЫК** Мылтыктын найзасы.

**ШУБАТ** Төөнүн сүтүнөн жасалган суусундук.

**ШУГУЛДАН** *диал.* Бир нерсенин артынан тынбай иликтөө, издөө, иштөө.

**ШУГУЛДАНУУ** Кызыгуу, ынтызарлык кылуу, бир нерсенин үстүндө өз бетинче изденүү. *Ал поэзия менен шугулданып жүрөт.*

**ШУЙКУЧУ** Шпиондор, тыңчылар деген мааниде. *А бирок шуйкучуларды жиберип, кыянатчылык кылгандар менен бузукулардын көбүн тымызын тындым кылып таштоону ойлонгон жок* (Субанбеков).

**ШУКШУР** Канатын жыйып төмөн карай сайыла түшүү, качырып кирүү (жырткыч, алгыр куштарга карата). *Ак шумкар канатын шукшуруп, качырып бараткансыйт* (Жантөшев).

**ШУКШУРУЛ шукшур** этишинин туюк мамилеси.

**ШУКШУТ** Шүмшүк, жүзү кара. *Баарын кылган Сейнеп шукшут экен* (Бейшеналиев).

**ШУЛ ушул** менен бирдей.

**ШУЛЕР** *экон.* Айлакер, митаам, алдамчы-кесипкер.

**ШУМ** 1. Айлакер, амалкөй, куу, митаам, алдамчы. *Карышкыр кайсап жарган мал Шум түлкүнүн азыгы* (Тоголок Молдо). *Кудайназар чоңоюп бой тартканда эле куу, шум чыкты* («Эр Табылды»). 2. Жагымсыз, суук, жамандык жагына туура келген. *Капилет келип шум кабар, Капага салды өзүмдү* (Нуркамал). 3. *өт.* Тентек, шайтандуу. *Кызык экен шум жалган* («Семетей» С.К.). *Шум өлүм бизди бөлүп алтын баштан, Жазылбай көргө кетти далай дастан* (Токтакунов).

**ШУМДУК** 1. Куу, митаам, уят-сыйыты жок. *Адамдын шумдугу.* 2. Кокустугу, коркунучу, опурталы бар; жоболондуу иш, окуя. *Сооронбай менен байланышпасаңчы, кокус бир шумдуктун ичинен чыгарып жүрбөсүн* (Жантөшев). *Ууландырып жүрөктү Шумдук кабар келиптир* (Бөкөнбаев). 3. Таң каларлык, укмуш, өзгөчө, сонун. *Сен менин көзүмө шумдук көрүнүп турасың* (Жантөшев). *Нечен шумдуктарды айтып, бизди таң калтырар чечен адам экен* («Чалкан»).

**ШУМДУКТУУ** Укмуштуу, коркунучтуу; эң башкача. *Ал шумдуктуу нерселер улам жакындап келаткансыйт* (Байтемиров). *Караңгы түндө чыккан чыйылдаган үн алардын кулагына шумдуктуу угулду* (Байтемиров). *Көз алдыман шумдуктуу кыз сүрөтү кетпеди* (Жантөшев).

**ШУМКАР** Теги ителгиге жаткан, тээп алма алгыр куш. *Канаты сынган шумкардай, Кайгылуу болдум өң азып* (Казыбек). *Таптаган билет шумкарды, Чапкан билет тулпарды* (Турусбеков). *Аттын баары тулпар болбойт, куштун баары шумкар болбойт* (макал). *Кара куш кардына карайт, шумкар чабытына карайт* (макал). *Ортосуна шумкар менен күйкөнүн, Ак, карадай айырма бар, дүйнө күн* (С. Урманбетов).

**ШУМПАЙ** 1. Куу, митаам, шум. *Бул экөө эки кызыңды уурдай качканы келген шумпайлар* («Ала-Тоо»). *Мынабу шумпайдын кебетесин карачы.* («Чалкан»). 2. Кыргыйдын кырааны, алгыры. *Кыргыйдын зорун шумпай дейт, Туруммтай зорун кумпай дейт* (Тоголок Молдо).

**ШУМУРАЙ** Шум, шумдук, куу.

**ШУҢКУЙ шуңшуй** менен бирдей.

**ШУҢКУЙТ шуңкуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШУҢШУГУЙ** Шуңшугуй калпак.

**ШУРКУТ шуркуя** менен бирдей.

**ШУРКУЯ** 1. Жүрүш-турушу жеңил, көп жүргөн аял. 2. Кылык-жоруктуу, амалдуу. *Акундун кызы Айчүрөк, Катындан чыккан шуркуя* («Семетей»). *Кыз экенде шуркуя* («Семетей» С.К.).

**ШУРКУЯЛЫК** Шуркуттук кылуу.

**ШУРТУЛДА** Тынч жүрө албаган, сөз аңдып тиешеси жок ишке, сөзгө деле тыңсынып аралаша берген, иши жок болсо да сөзү көп.

**ШУРУ** Деңиз алдындагы жарларда топтобу менен кыймылсыз абалда жашаган жаныбарлардын акиташка айланган калдыктарынан пайда болгон кызыл, кызгылтым, ак түстүү таштар, маржан. *Шуру, бермет аралаш, Тагындым мончок чачыма* («Эр Табылды»). *Омуроодогу кызыл шуру сулуунун көркүн чыгарып, Көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев). *Күндүн көзүн көрсөтпөстөн ушчу эле, Канаттуулар шуру жасап тамчыңан* (Байзаков).

**ШУРУГАН** *диал.* Ысык сүткө сары май, нан кошулган тамак.

**ШУРУП** Бөркүндөгү оюгу аркылуу бурап киргизиле турган бурама мык.

**ШУУ I: жип-шуу** Бир нерсе тигүүгө, байлоого ж.б. керектелүүчү ар кандай жиптер. *Акунжан бүгүн башкарманын тапшыруусу боюнча жип-шуу алып келиш үчүн шаарга кеткен* (Байтемиров).

**ШУУ II** 1. Катуу үшкүргөндө, мурдун катуу тартканда же бир нерсе катуу ылдамдык, өтө тездик менен шуулдап, дуу коюп өткөндө ж.б. чыккан дабыш. *Мурдун шуу эттире тартуу. Алда качанкыны эстеттиң, – деп чоң эне шуу үшкүрүп*

*жиберди (Сыдыкбеков). Асфальт жолдо машиналар өйдө-төмөн шуу-шуу этип өтүп жатты* («Ала-Тоо»). 2. Коркуп кеткенде жүрөктүн болк этип, тез-тез согуп баштаганы да ушундайча айтылат. *Бурчтан бир караан шоп этип чыга калганда жүрөгүм шуу дей түштү* («Ала-Тоо»). *Капыстан бет алдымдан чыкканыңда жүрөгүм шуу этип, басып кетишти же токтоп учурашышты билбей алдастап калдым* («Кыргызстан аялдары»).

**ШУУДУР** Камыш, дарактын жалбырактары же башка өсүмдүктөр ыргалганда, жибек, шайы сыяктуу шуудурак материалдар кыймылга келгенде ж.б. учурда чыккан дабыш. *Шуудур-шуудур эткен камыш. Буудай башын шуудур-шуудур ыргалтат. Эне чочулаган адамча аяк асты шуудур этсе да сактана калат* (Сыдыкбеков).

**ШУУДУРА** Шуудур-шуудур этүү. *Кечки желге жашырын сырын айткансып, теректердин жалбырактары шуудурайт* (Жантөшев). *Тоо ылдый соккон желаргы менен теректер дирилдеп, чөптөрдүн башы шуудурап, акырын гана чайпалат* (Элебаев).

**ШУУДУРАК** Шуудураган, шуудурап турма. *Шуудурак материал. Шуудурак камыш.*

**ШУУДУРАМА шуудурак** менен бирдей.

**ШУУДУРАТ шуудура** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШУУДУРАШ шуудура** этишинин кош мамилеси.

**ШУУДУРОО шуудура** этишинин кыймыл атоочу.

**ШУУЛДА** 1. Шуу-шуу эткен дабыш, үн чыгаруу, шуу-шуу этүү. *Шуулдаба, шуулдаба теректерим, Шуулдасаң ыйлагым келет менин* (Жигитов). *Шамалдын ыгына көнбөй бак-дарактар ыргалып шуулдайт. Асман ачылып, шуулдап соккон шамал басылып, айлана мемиреп турду* (Сасыкбаев). *Таянемдин шамдагай колунда ийик шуулдап чуркап турду* («Ала-Тоо»). *Бутагын булбул уялап, Шуулдайт токой таңдагы* (Кулумбаев). 2. *өт.* Өтө тез жылуу, жүрүү; тез-тез өтүү. *Шуулдап жылдар өтүп барат жылып* (Шамшиев).

**ШУУЛДАК** 1. Шуулдаган, шуулдап турган дабыш. *Татынакай түн тынчтыгын, тоо суусунун эч качан басылбаган шуулдагы гана бузат* (Абдумомунов). *Өрттөн чыккан шуулдак, эбегейсиз чоң тарсылдакка айланды* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Эпилдеп-жепилдеп кыймылдаган, сүйлөгөн адам.

**ШУУЛДАТ шуулда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШУУЛДАТЫШ шуулдат** этишинин кош мамилеси.

**ШУУЛДАШ шуулда** этишинин кош мамилеси.

**ШУУЛДОО шуулда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШУУШАҢ жуушаң** менен бирдей.

**ШУШТУГУЙ** Шуштуйган, шуштуюп кууш көрүнгөн.

**ШУШТУЙ** Учтуу тартып туруу, учу кууш тартуу. *Шуштуйган сакал. Анын да далысы томпогой, төбөсү шуштуюп, бети талпагай эле* (Байтемиров).

**ШУШТУЙТ шуштуй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШУШТУЮУ шуштуй** этишинин кыймыл атоочу.

**ШҮГҮР кудая шүгүр** Кудайга ыраазымын деп, колунда болгонго, бар нерсеге же болгон шартына, ал-абалына алымсынгандык, канааттангандык, тобо кылгандык. *Шүгүр кылып кудайга* («Манас» С.О.). *Миң шүгүрлүк бир кылдым* («Манас» С.О.).

**ШҮГҮРЧҮЛҮК** Ыраазы болгондук, алымсынгандык; аман-эсендик.

**ШҮДҮГЕР шүүдүгөр** менен бирдей. *Кышкы кыштоо, айдоо жер, арык башы шүдүгер* (Касымбеков).

**ШҮДҮГҮЙ** Курушкан, чүрүшкөн, кууш. *Шүдүгүй бетин зилдетип Иса молдо отурат* (Сасыкбаев). *Шүдүгүй киши.*

**ШҮДҮҢГҮТ** Уйдун чарчабаган, алдына эчтеме салбаган күлүгү. *Шүдүңгүт уйдан чыгарып, Шүйкүмү элден сыналып.*

**ШҮДҮҢДӨ** 1. Тез, ылдам жүрүш менен жүгүрүү, ылдам басуу, желүү (көбүнчө уй тукумуна карата). *Какылдактын үю шүдүңдөй басса аттан калышпайт* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Бирөөнүн баскан-турганын, жүргөнүн жактырбаган мааниде. *Шүдүңдөп таң атпай жетип келиптир. Шүдүңдөп кайда баратасың.*

**ШҮДҮҢДӨТ шүдүңдө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШҮДҮҢДӨШ шүдүңдө** этишинин кош мамилеси.

**ШҮЙ I** Жылкынын көкүлүн, куйругун түйүү, түйүп байлоо. *Кырк жигитке кырк кара ат, Көкүлүн өөдө шүйүшкөн* («Курманбек»). *Көкүлүн көк шайы менен бууду эми, Куйругун куу шайы менен шүйдү эми* («Эр Төштүк»).

**ШҮЙ II** Ырай, кебете (көбүнчө жактырбаган мааниде).

**ШҮЙКҮМ I шүй II** менен бирдей.

**ШҮЙДҮР шүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШҮЙКҮМҮ** Жаман, жүргөнү жаман, шойкондуу, жоболондуу, кооптуу. **В.: Шүйкүмү бузук.**

**ШҮЙҮ ЖОК** Кебете-кешпири, кейпи жаман. *Кайраты тайып Карачтын, Кадимки баатыр шүйү жок* («Эл адабияты»).

**ШҮЙҮ КАЧУУ** Үрөйү учуу, өң-алеттен кетүү, шүмүрөйүү, көркүнөн ажыроо, арыктоо, көңүлү чөгүү. *Танабайдын шүйү качты* (Айтматов). *Үйдөгүлөрдүн түрүн көрүп, шүйү качып ал дагы калтаарый түшүп, үнү дирил-*

*деп чыгып араң дегенде: – Эмне болду? – деп сурады* (Өгөбаев). *Атагелди кара аргымакка минип, өлчөөсүз узун найзасын көтөрүп чыкканда элдин шүйү качып, эси оол калды* (Сыдыгалиев).

**ШҮЙҮЛ шүй I** этишинин туюк мамилеси.

**ШҮЙҮЛТ шүйүл** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШҮЙҮЛҮҮ шүйүл** этишинин кыймыл атоочу.

**ШҮЙҮҮ шүй** этишинин кыймыл атоочу.

**ШҮЙҮШ шүй** этишинин кош мамилеси.

**ШҮЙШҮН I шүүшүн** менен бирдей.

**ШҮЙШҮН II** Суктануу, кызыгуу менен кызганыч, кооптуулук аралашкан сезим. *Бурма менен Сатылган.. балдарга шүйшүнө карашып, бактынын базарында тургандай болушту* (Токомбаев).

**ШҮК** Тынч, жөн, жымжырт. *Майданга салбай өнөрүн, Шүк жатыш эрге чоң өлүм* (Элебаев). *Үстөлдүн астында буту шүк турсачы, тим эле ойноп кетет* (Сыдыкбеков).

**ШҮМҮРӨЙ** Кейпи кетүү, үтүрөйүп жүдөмүш тартуу, кебете-кепшири бузулуу.

**ШҮМҮРӨЙТ шүмүрөй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШҮМҮРӨЙҮШ шүмүрөй** этишинин кош мамилеси.

**ШҮМҮРӨҢ шүмүрөң-шүмүрөң этүү** Шүмүрөйгөн, жүдөгөн абалда, көрүнүштө болуу, ушундай көрүнүштө жүрүү.

**ШҮМҮРӨҢДӨ** Шүмүрөң-шүмүрөң этүү, кебете-кепшири кеткен, жүдөгөн, шүмүрөйгөн көрүнүштө жүрүү.

**ШҮМШҮЙТ шүмшүй** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШҮМШҮК** Байкуш, бечара; жек көрүндү. *Баркың кетип карганда, Шүмшүк болуп калбагын* (Токтогул). *Арабызда жок бекен Шүмшүктөрдүн карааны* (Шамшиев). *Бир мүнөз жатып ичер аты шүмшүк, Бел чечип кылган эмес жалгыз түйшүк* (Тоголок Молдо).

**ШҮМШҮҢДӨ** Бечара кейиптенүү, бүжүңдөө, кебетеси жаман көрүнүштө жүрүү. *Шүмшүңдөп, өзүлөрү качып келет, Зыянкеч, иш бүлдүргүч жан бактылар* (Токобаев).

**ШҮҮДҮГӨР** Аңыз, айдалган талаа, тоңдурма. *Механизаторлордо түк уйку жок: бири чексиз шүүдүгөр аянтын бир айландырып, кара күрөң тартып майланышкан кыртышты аңтарып баратса, экинчи бири такта мала тартып, жер тегиздейт* (Абдыраманов).

**ШҮҮДҮРҮМ** Күн салкын тартканда атмосферадагы нымдуулуктун жерге, чөптөргө туруп калган майда-майда тамчылары. *Эртең мененки шүүдүрүмдө шымын түрүнгөн жаш балдар жылкыларды желеге ийришти* (Каимов). *Шүүдүрүм кандай тунук болгон болсо, Менин да тамчы жашым – тазалыгым* (Шатманов). *Мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөй чөптөгү, Көпкөк, тунук, кол тиелек дүйнө элек* (Абдыкадырова).

**ШҮҮШҮН** 1. Аз-аздан чыгып турган мала кызыл кан. *Баягы заманда бул дөбө күнүгө баштын каны менен боёлуп, мурундун шүүшүнү менен сугарылып туруучу* (Убукеев). 2. Чала бышкан эттин ушундай суйдаң тарткан мала кызыл каны. *Абдан бышырбай саал шүүшүн каны менен бышырса, кийиктин боору таттуу болот* (Жантөшев).

**ШХУНА** Эки же андан көп мамылуу (мачталуу), кыйгач каптал парустары бар, көп парустуу жел кеме.

**ШЫБА** Сүртүү, сүйкөө, сүртүп жугузуу; шыбактоо, шыбак салып жылмалоо. *Там шыба. Баткак шыба.*

**ШЫБАА** Оорунун айыгышына, оорулуу кишинин оңолушуна карата болгон себеп, ылажы. *Бир шыбаа болуп, Дарыяхан жеңем айыгып кетсе!* (Жантөшев).

**ШЫБАГА** 1. Бирөөгө тиешелүү үлүш. *Эне колуна тийген шыбагасынын даамдуусун буга берген* (Байтемиров). *Шыбагасын алгандар кубана-кубана үйлөрүнө карай чуркашты* (Токомбаев). 2. *өт.* Жаза, бирөөнүн күнөөсүнө, айыбына карата колдонулган чара. *Кылмышкерге тиешелүү шыбагасын берүү керек* («Чалкан»). *Шыбагалуу кезимде, сый-жыргалым тең болдуң* (Казыбек).

**ШЫБАГАЛАШ** Энчилеш, үлүштөш, шериктеш. *Тийген мөрөй – көп олжонун Шыбагалаш ээсимин* (Бөкөнбаев). *Карттан өнөр үйрөнөм деген өспүрүм анын тамагына да шыбагалаш болот* (Бейшеналиев).

**ШЫБАГАЛУУ** Энчилүү, үлүштүү, шыбагасы бар.

**ШЫБАК I** Көбүнчө таштак, шагылдуу жерге чыгуучу, малга от болуучу жыттуу, даамы ачуу келген өсүмдүк. *Талаадагы шыбактын түбүндөгү боз торгой да таңга ырдап салам айтты* (Бөкөнбаев). *Шыбакка шыбак ыкташат, Шыраалжын коңур жыт чачат* (Жусуев).

**ШЫБАК II** Курулуштун дубалдарына, шыптарына шыбалган кумдуу ылай, кумдуу цемент. *Үйдүн эски шыбагын түшүрүп, кайрадан жаңыртып шыбашты.*

**ШЫБАКТА** Шыбак салуу, шыбоо, сүрүү.

**ШЫБАКТАТ шыбакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫБАКТАШ шыбакта** этишинин кош мамилеси.

**ШЫБАКТОО шыбакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫБАКТУУ** Шыбак чөбү көп, шыбагы жыш. *Шыбактуу жер.*

**ШЫБАКЧЫ** Шыбак шыбоочу жумушчу.

**ШЫБАН шыба** этишинин өздүк мамилеси. *Эки эли кылып шыбанган упадан аялдын бети жансыз куурчактын бетин элестетет* («Чалкан»).

**ШЫБАТ шыба** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫБОО I** Бут тердегенде чыгуучу сасык жыт.

**ШЫБОО II шыба** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫБЫР** Шыбырап акырын айтылган сөз, шыбыш. *Салык менен Мамбеткулдун шыбыры өтө акырын болгондуктан, сырт-ка угулган жок* (Каимов). *Күбүр-шыбыр сөз күч ала баштады* (Жантөшев). *Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт* (макал).

**ШЫБЫРА** Башкаларга угузбай акырын айтуу, астыртан күбүрөп сүйлөө. *Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт* (макал). *Ашыр акырын шыбырап, жылуу алаканы менен келинчегинин бетин сылады* (Сасыкбаев).

**ШЫБЫРАТ шыбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫБЫРАШ шыбыра** этишинин кош мамилеси.

**ШЫБЫРГАК** Майдалап, бүртүк-бүртүк болуп жыш жаап турган кургак кар жана суукта борошолоп жааган жаан. *Шаардын четиндеги талаага келгенибизде, булут жирелип, шыбыргак басылды* (Каралаев). *Асмандан мөндүр шыбыргак Борошосу бур-гулап, Каршы-терши ургулап* («Манас»).

**ШЫБЫРГАКТА** Шыбыргак жаай баштоо. *Күн шыбыргактап жаап келди.*

**ШЫБЫРГАКТАТ шыбыргакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫБЫРГАКТОО шыбыргакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫБЫРТ** Чөп-чары жыш, бадалдуу, караган-буталуу жерди аралап басканда акырын чыккан дабыш. *Бадалда уктап жаткан элик шыбырттан ойгонуп, койкоң-доп карай калды да, ары секирди. Чак түштө өзүм жалгыз постко чыктым, То-койдон алда кандай шыбырт уктум* (Үмөталиев).

**ШЫБЫРТТА** Шыбырт-шыбырт этүү, шыбырт-шыбырт эткен дабыш чыгуу.

**ШЫБЫРТТАТ шыбыртта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫБЫРТТОО шыбыртта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫБЫРЧЫ** Башкаларга угузбай акырын, астыртан сүйлөп, жамандап, ушактап коюучу киши. *Шыбырчылардын сөзү кулагыңа жеткен экен да, мейли калганын өзүң билесиң.*

**ШЫБЫШ** 1. Шыбыр-күбүрдөн, шыбыроодон ж.б. чыккан ачык эмес дабыш, үн. *Шаң-кылдаган күлкү менен шыбыш көпкө чейин басылган жок* (Каимов). 2. *өт.* Астыртан болгон кабар, дайын, белги. *Же жанагы бузук Чырмаш бирөөгө шыбыш бере салдыбы?* (Жантөшев).

**ШЫБЫШСЫЗ** Шыбышы жок, шыбыш чыгарбастан.

**ШЫБЫШТА** Шыбыш берүү, акырын айтуу. *Асыл эже аябай чычалап, мага шыбыш-тайт* (Бейшеналиев).

**ШЫГАЙ кара шыгай, сары шыгай** Чым көндүн түрлөрү.

**ШЫГЫР** Жатка айтылган ыр, декламация. *Мектептеги балдар катар тизилип, аскерче жүрүп, шыгыр айтышты.*

**ШЫГЫРА** Майда таштар, кумдар же муздар ширелишип, шыкалып толуп калуу. *Өзөн шыгыраган шыргалаңды ала салдырып агызып барат* (Каимов). *Кум шыгырап толуптур* («Ала-Тоо»).

**ШЫГЫРАТ шыгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫДЫР** Шыр, токтоосуз, тез. *Кычан шыдыр Атайга барды* (Бейшеналиев). *Победа ылайлуу жолдон шыдыр жүрө албады* (Каимов). *Азатбек шыдыр жооп кайтарды* (Сасыкбаев). *Эки жакка бурулбай шыдыр жүрө бер.*

**ШЫДЫРА шыдыр** менен бирдей.

**ШЫЙБЫЛЧАК** 1. Ача туяктуу жаныбарлардын туягы менен бакайынын ортосундагы бөлүгү. 2. Ошондой жаныбарлардын шыйрагынын бакайдан төмөнкү бөлүгүнүн бир жак ачасы. *Элден башка бөлүнүп, Шыйбылчак, шыйрак куйкалап* (Токтогул).

**ШЫЙГАР** Бирөөгө ылайыктоо, ыйгаруу, оодаруу, шилтөө. *Чоң байлыкты кимибизге шыйгарат?* (Токомбаев). *Энелик жүрөк бар болсо, Шыйгарып мага бөлгөндүр* (Жантөшев). *Сатай тамашага шыйгара күлгөн болуп, бирок ниетиндегисин акырын башбактырып койду* (Касымбеков).

**ШЫЙГАРУУ шыйгар** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЙГАРЫЛ шыйгар** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫЙГАРЫШ шыйгыр** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЙК шүй II, шүйкүм** менен бирдей. *Шыйкы бузук. Шыйкы кетүү.*

**ШЫЙКОО шылтоо** менен бирдей. *Шый-коо кылып бир күнү Белек бердим конок-топ* (Токомбаев). *Шыйкоо менен мактай берди, Эшик ага ырчыдай* (Токомбаев).

**ШЫЙКООЛО** Шыйкоо кылуу, шылтоолоо, туура келтирүү. *Калп эле бир нерсеге шыйкоолоп кирген Аманат Нурбүбүнүн кан-дайча олтурганын байкады* («Ала-Тоо»). *Кай бир ишти мыйзамга шыйкоолоонун ыгы келбей калат экен* (Жантөшев).

**ШЫЙМЫЛЧАК шыйбылчак** менен бирдей.

**ШЫЙПАКТА** 1. Эркелеп, кишиге асылып, куйругун шыйпаңдатуу, булгалоо (мис., ит). *Иттер шыйпактап муздак тум-шугу менен жыттагыласа, Акматтын итиркейи келет.* 2. *өт.* Эркелөө; жагынуу, кошоматтануу; көшөкөрлөнүү. *Шый-пактайт, «таксыр» дешип бай, бий, казы*

(Абдыраманов). *Кошомат айтып шыйпактайт.*

**ШЫЙПАКТАТ шыйпакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЙПАКТАШ шыйпакта** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЙПАКТОО шыйпакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЙПАЛАКТА шыйпакта** менен бирдей.

**ШЫЙПАҢ I** Аттын куйругунан жасалган чымын коругуч. *Чымындан, тажаган киши шыйпаң менен өзүн-өзү чапкылайт* (Жантөшев).

**ШЫЙПАҢ II** *диал.* 1. Эс алып, көлөкөлөп отуруш үчүн жасалган үстү жабык, тегереги ачык келген бастырма сыяктуу жай. *Мына шыйпаң. Бардыгы эс алуу убагында* (Байтемиров). 2. Топ болуп, узун өсүп, өзөгүнөн жыш бүчүр ачылып, баш жагынан барпырап уча турган ак үлпүлдөк алып өсө турган өсүмдүк.

**ШЫЙПАҢ III** *диал.* Кой камай турган короо.

**ШЫЙПАН** Чымындан корунуу үчүн куйругун булгоо, булгалоо. *Саябандуу арабаларга чегилген аттар ылаалап, шыйпанын коюп турушат* (Сасыкбаев). *Уйлар күн ысыганда ого бетер тынчы кетип, куйругун шыйпаныып, сайгактай баштады* (Элебаев).

**ШЫЙПАҢДА** 1. Куйругун булгалап шыйпактоо. *Жанымда бир ит менден бирдеме үмүт этип, жагынып шыйпаңдап турат* (Элебаев). *Тайган акактап, баладан көзүн албай, шыйпаңдап кумарданып ойноду.* 2. *өт.* Жагынуу, жалпактоо; тийиштик кылып жакындоо, шыйпактоо. *Ошондон кийин таанылбаган аялга шыйпаңдаганды койдум* (Бейшеналиев). *Зарлык менен Данияр шыйпаңдап, байкесинин жанынан чыкпайт* (Бейшеналиев).

**ШЫЙПАҢДАТ шыйпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЙПАҢДАШ шыйпаңда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЙПАҢДОО шыйпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЙПАНТ шыйпан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЙПАНЧААК** Куйругун тез-тез шыйпантуучу, булгалоочу.

**ШЫЙРАГЫН КАРМАТПОО** Бербөө, колуна тийгизбөө, жуутпоо, жакындатпоо. *Эми байлар малынын шыйрагын карматпоо аракетинде* (Бейшеналиев).

**ШЫЙРАГЫН СЫНДЫРУУ** Көбүнчө, балдарга карата жемелөө, тилдөө, коркутуп опузалоо маанисинде колдонулат. *Мындан ары Тоголок Молдонун мектеп дегенине барсаң, шыйрагыңды сындырам деди.* (Бейшеналиев). *Шыйрагыңды сындыра электе бас дейм үйгө, бас!* (Саатов).

**ШЫЙРАГЫНА ТАТЫБОО** Тең келе албоо, тендеше албоо, бирдей даражада боло албоо. *Менин жаманым бул мырзанын шыйрагына татыбас* (Сыдыкбеков).

**ШЫЙРАГЫНА ТЕҢЕБӨӨ** Тенине албоо, киши ордуна көрбөө, дөөгүрсүп, көтөрүлүп туруу, өзүн жогору саноо. *Береги Орозкул азыр кырым өтүгүн жылтыратып, үзөңгүнү чирене тээп, ээрде үргүлөп, шыйрагына киши теңебей келберсип келатканы да ошол кадыр-барктын сыймыгы* (Айтматов). **В.: Шыйрагына илбөө.** *Ал мендейлерди шыйрагына илмек эмес* (Абдукаимов).

**ШЫЙРАК** 1. Буттун тизеден ылдыйкы бөлүгү. *Чөөгүндүн бөйрөгү баланын шыйрагын койгулайт* (Сыдыкбеков). *Малдын шыйрагы. Шыйрак куйкалоо.* 2. *өт.* Мылтыктын алдына коюлуучу кош буттуу тирөөч, таканчык. *Кош шыйрак чоң мылтыкты ак бараңдай Орнотту зенит кылып каптал жерге* (Үмөталиев). *Мылтыгынын милтесин түтөтүп, шыйрагын жерге сайып коюп, кончундагы чакчасына кол сунду* (Бөкөнбаев). *Арчадан кундак ойдурган, Алмадан шыйрак жондурган* (Тоголок Молдо).

**ШЫК I** 1. Ынта, кунт, көңүл. *Шалта уруусу башка урууларга караганда эгин өндүрүү ишине шык коюшкан* (Бөкөнбаев). *Оюнга абдан шыгымды салып, оюн дегенде жанымды сабап жиберчүмүн* («Ала-Тоо»). 2. Жөндөм, талант, ийкем. *Шыкка шыкалат денем, ышкы сүрөп, кайнайт, сайрайт үмүт базары* (Рыскулов). *Жамактатып ырдаганга Жийдегүлдүн шыгы бар эле* (Сасыкбаев). 3. Ийгиликтин жолу, ыңгайлуу шарты. *Оюндун шыгы мен жакка оой баштады* («Чалкан»). *Шык кумарчылар жакта эле* (Каралаев).

**ШЫК II: шык-шык** Атты токтотууда айтылуучу сөз. *Шык-шык, жаныбарым* («Ала-Тоо»).

**ШЫКА** 1. Абдан ныктай салуу, батырымдуу кылып ныктоо, тыгуу; таптоо, нығыруу. *Эски узун мешоктун айрыгын көктөп, аны деңкейтип жумшак топонго шыкап, өзүмдүн боюма теңеп алган элем. Тоонун карын шамал айдап келип, кокту-колотко шыкаган* (Каралаев). 2. Зордоп ичирүү, жедирүү; ашыра ичирүү, тойгузуу. *Аялдар Гүлайымга ого бетер шыкап ичиришет* (Бейшеналиев). *Ырдабаса шыкагыла бозого* (Үмөталиев). 3. Чукул, такай баруу, дал түбүнө жете келүү. *Эл ашууга шыкай барып калышты. Ашууну шыкап барып коnолу.*

**ШЫКААЛА** 1. Жылчыктан, тешиктен же башка кууш жерден көз жиберип кароо, көз салуу. *Сабхат эки кишинин ортосундагы кычыктан шыкаалап олтурат* (Сасыкбаев). *Өргөөнү чет жактагы жырта жаздап, Жигиттер туш-тушунан шыкаалашат* (Үмөталиев). 2. Атылуучу куралдын (мис, мылтыктын) кароолу аркылуу мээлөө, кароолго

түздөп кароо. *Сатар мылтыгын улам-улам шыкаалап, көпкө чейин аны менен аябай убараланды* (Таштемиров).

**ШЫКААЛАТ шыкаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКААЛАШ шыкаала** этишинин кош мамилеси.

**ШЫКААЛОО шыкаала** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫКАК** Түрткү, үгүт; кайрат, дем. *Шыкак берүү. Баканын шыкагы Шарипти кайраттантып жиберди* (Бейшеналиев).

**ШЫКАКТА** Шыкак берүү, түрткү берүү, ээликтирүү, күүлөндүрүү. *Түнкатар менен миң башың Жутаке айыл арасынан киши өлтүрүү үчүн Берди менен абышканы шыкактап коё бериптир* (Жантөшев).

**ШЫКАКЧЫ** *укук.* Кылмышка шериктеш болуунун бир түрү, кылмышка түрткөн адам.

**ШЫКАЛ шыка** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫКАТ шыка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКАШ шыка** этишинин кош мамилеси.

**ШЫКОО шыка** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫКООР** *аңч.* Жезди дүрмөттөгөндө дары, бытыра же огун шыкоочу жумуру жыгач аспап.

**ШЫКТАН** Бир нерсеге шыгы артуу, көңүлдөнүү, эргүү; дем кошулуу, жандануу, дилгир болуу. *Ар өнөргө шыктанып, Жаштар өскөн кез ушул* (Нуркамал).

**ШЫКТАНДЫР шыктан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКТАНДЫРТ шыктандыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКТАНДЫРУУ шыктандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫКТАНДЫРУУЧУ** Шыктандыра турган, үндөй турган нерсе.

**ШЫКТАНДЫРЫЛ шыктандыр** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫКТАНДЫРЫШ шыктандыр** этишинин кош мамилеси.

**ШЫКТАНУУ шыктан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫКТУУ** Шыгы бар, жөндөмдүү, ийкемдүү, ышкылуу, ынтаалуу, кунттуу. *Калык кичинесинен эле шыктуу, чыйрак бала болгон* («Ала-Тоо»). *Биздин кишилер өсүүгө шыктуу* (Сыдыкбеков).

**ШЫКТУУЛУК** Шыгы бардык, ынтаалуулук, кунттуулук, жөндөмдүүлүк. *Баласынын мындай шыктуулугуна энеси Бурма өтө кубанат* (Токомбаев).

**ШЫКШЫЙ** Көздү кичине жүлжүйтүү, жумулаар-жумулмаксан кылып кароо, тиктөө. *Күндү карай албай көзүн шыкшыйтат* (Саспаев).

**ШЫКШЫЙТ шыкшый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКШЫЙЫШ шыкшый** этишинин кош мамилеси.

**ШЫКШЫЮУ шыкшый** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫКЫЛЫКТА шыңкылда** менен бирдей.

**ШЫКЫРА** Жык толуу, жыш болуу, шыкалуу. *Алигиче эсимде бар эсеби, Ак бешмантта шыкыраган седептин* (Маликов). *Омуроо толо шыкырап, Ордендер тартат көзүңдү* (Маликов). *Илгери үркүндө эл күнгөй-тескейине батпай шыкырап, камалышып өткөн жер ушул эмеспи?* (Элебаев).

**ШЫКЫРАЙ шыкшый** менен бирдей.

**ШЫКЫРАЙТ шыкырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКЫРАТ шыкыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫКЫРАШ шыкыра** этишинин кош мамилеси.

**ШЫКЫТ** Сол колго таа же алчы жагын уучтай кармап, атаарда сакасы менен шыкшык ура турган чүкө. *Бир чүкө бере турчу шыкыт кылайын.*

**ШЫКЫТ БОЛО АЛБОО** Эч нерсеге пайдасы тийбөө, эч нерсеге жарабоо. *Мунун бир нерсеге шыкыт боло алгыдай түрү жок.*

**ШЫЛА шиле** менен бирдей.

**ШЫЛБЫРА** Сууга, нымга тийип жумшоо, жибүү, былбыроо (тери же териден жасалган кийим-кечеге карата). *Куур тон терге жибип шылбырады* (Бөкөнбаев).

**ШЫЛБЫРАТ шылбыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛДЫҢ** Бирөөнү келекелеп күлгөндүк, ыза кылгандык, шылдыңдагандык. *Алымкул эч кандай кордукка, шылдыңга, адилетсиздикке чыдачу эмес* (Абдукаримов). *Отургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* (Жантөшев). *Шылдыңдар түбү барып чынга чалды* (Турусбеков).

**ШЫЛДЫҢДА** Шылдың кылуу, мазактоо, кордоо, келекелөө. *Орусбек тилин чыгарып кыздарды шылдыңдап күлөт* (Сыдыкбеков). *Көрүшүп жалкоолордун сүрөтүн, Шылдыңдап көпчүлүгү күлүп жаткан* (Барпы).

**ШЫЛДЫҢДАТ шылдыңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛДЫҢДАШ шылдыңда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛДЫҢДОО шылдыңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЛДЫР** 1. Суу же башка суюк нерсе акканда, куюлганда, металлдан жасалган нерселер (чач учтук, ооздук ж.б.) кагылышканда шылдырттап чыккан ачык үн, дабыш. *Боорунан Ала-Тоонун шылдыр булак, Дегдеңдеп Ысык-Көлгө куят түйлап* (Турусбеков).

*Бир аздан кийин гана алыстан кагылышкан ооздуктун же чач учтуктун шылдыры угулду* (Токомбаев). 2. Суюк, шылдыраган. *Эт салса шылдыр сорподон башка артпайт* (Элебаев). *Жармасы да шылдыр суу* («Ала-Тоо»).

**ШЫЛДЫРА** Шылдыр-шылдыр этүү, шылдыр эткен үн чыгаруу. *Батышынан да, чыгышынан да шылдырап көк кашка суу агып турат* (Сыдыкбеков). *Жылжып аккан күмүш булак сүйкүмдүү шылдырайт* (Каимов). *Шылдырап аккан тунук суу, Ала-Тоо менин өз жерим* (Жусуев).

**ШЫЛДЫРАК** Шылдыр-шулдур үн чыгаргыч. *Балага шылдырагын алып берип койчу, ойноп жата турсун.*

**ШЫЛДЫРАТ шылдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛДЫРАШ шылдыра** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛДЫРОО шылдыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЛДЫРТ** Шылдыраган, шылдыр-шулдур үн чыгаруу. *Ооздуктарын шылдырт-шылдырт эттирип, көк беденин учунан чалып оттоп калышты.*

**ШЫЛДЫРТТА шылдыра** менен бирдей.

**ШЫЛК ДЕЙ ТҮШҮҮ** Кепке-сөзгө жыгылып өзүн күнөөлүү сезгендей, күнөөсүн мойнуна алгандай ыңгайсыз абалда боло түшүү, уят болуу. *Аны укканда Тойматтын башы жерге кирип, шылк дей түштү* (Каимов).

**ШЫЛК ЭТМЕ** Таштан, колодон кийин темирден же коргошундан жасалган жоокер куралы.

**ШЫЛКЫЙ** 1. Башын кыйшайтуу, башын төмөн салуу. 2. Маанайы басандоо, көңүлү чөгүү, жүдөңкү тартуу. *Куюшканды салдырба, Шылкыйып сырың алдырба* (Шүкүрбеков). *Каныбек кылмыштуу адамдай шылкыйып турду* (Жантөшев). 3. Дарманы кетүү, алсыроо, кубаты бошоо. *Курсагы ачып жолдо шылкыйып отурган бечараларга бирдеме бере кетүү көпкөндөрдүн оюна да келбеди* («Ала-Тоо»).

**ШЫЛКЫЙТ шылкый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛКЫЙЫШ шылкый** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛКЫЛДА** Түз тура албоо, ары-бери кыйшалактоо, кылжыктоо. *Тоюп келген кезинде Жатып калды шылкылдап* («Кедей-кан»). *Жол менен кетип баратсам, Жоро ичкендей шылкылдап* («Кыргыз эл акындары»). *Түн жарымы болуп калган аттын үстүндө башы шылкылдап бараткандар мындан көп* (Элебаев).

**ШЫЛКЫЛДАК** Бош, шылкылдап токтобогон, шылкылдай берген. *Сабы шылкылдак, мокок чот керкини тыштан издеп таап, бир колтук отун кертип алып, кайра кирдим* (Элебаев).

**ШЫЛКЫЛДАТ шылкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛКЫЛДАШ шылкылда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛКЫМ** *туурасы:* **шылдың.** *Ага шылкым аралаш азил таштады* (Мавлянов).

**ШЫЛКЫНЫ БОШОО** Кандайдыр бир нерсеге капа болгондой көңүлү чөгүңкү, сабыры суз абалда болуу. *Ар кимдин оозунан чыккан сөздү угуп, наристе сезимине чок түшкөндөй шылкыны бошоду* (Бердикеев). **В.: Шылкыны куруу.** *Бурулча Ураалынын шылкыны куруп отуруп калганын көрдү* (Сыдыгалиев). *Бейшеке жалаага жыгылып жатканын, булар соо койбостугун ошондо гана билип, шылкыны куруп турду* (Саатов). **Шылкыны суу.** *Ою ушуга токтоп, шылкыны сууган Опол арманын айтты* (Осмоналиев).

**ШЫЛКЫЮУ шылкый** этишинин кыймыл атоочу

**ШЫЛТА** Жок нерсени себеп кылуу, башка нерсеге оодаруу, шылтоо кылуу. *Мөкүш ооруга шылтап, экскурсиядан да калды* (Таштемиров). *Өзү кылган шумдугун бирөөгө шылтап жүрөбү* (Жантөшев).

**ШЫЛТАТ шылта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛТАШ шылта** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛТОО I** Жок себеп, бетке кармаган, эптеп себеп катары көрсөткөн, шылтоолой турган илинчектүү нерсе, түрткү. *Айсалкын ишене тургандай шылтоо табат* (Каимов). *Алымкул Нурматтын үйүн шылтоо кылып, Гүлайымдын үйү тараптан өтмөкчү болду* (Абдукаримов). *Анын айлында болбогондугу ушактын көбөйүшүнө ого бетер шылтоо боло берди* (Токомбаев).

**ШЫЛТОО II шылта** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЛТООГО ШЫНОО** Кандайдыр бир нерсенин себебин, ыгын, эбин табуу, ошого ыйгаруу. *Шылтоого шыноо. Эки иштен бир иш. Кардарлардан суюлганда Дүр мырзага жаңылык жеткизип барайын* (Бейшеналиев). *Ага кошул-ташыл болуп, эми минтип орто жолдо жоопкерчиликти мойнуна үйүп, тизгинсиз байланып, шылтоого шыноо табылып отурат* (Кушубеков). *Байымбет шылтоого шыноо таап боюн алыстатууда* (Бейшеналиев). *Балким, Сапар калса, атасына шылтоого шыноо болбос бекен?* (Бейшеналиев). **В.: Шыноого шылтоо.** *Тоголок Молдо кеткенче шыноого шылтоо деп, эл-журту козу-көрпөдөн көтөрүп чаап меймандоодон аянышпайт* (Бейшеналиев).

**ШЫЛТООЛО** Шылтоо кылуу, кандайдыр бир илинчектүү нерсени эптеп себеп катары көрсөтүү, бетке кармоо. *Надя бирдемеге шылтоолоп чыгып кетти* (Бейшеналиев). *Бийлер, старчындар жолго шылтоолоп элди жей баштакан* (Бөкөнбаев). *Анын баарын*

*жашчылыкка шылтоолоп, Айтып бердим ичимдеги сырымды* (Токомбаев).

**ШЫЛТООЛОТ шылтооло** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛТООЛОШ шылтооло** этишинин кош мамилеси.

**ШЫЛТООСУЗ** Шылтоосу жок, шылтоо кылганга эч кандай себеби жок. *Эч шылтоосуз сабакка келбей коёт.*

**ШЫЛУУ шылы** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫЛУУН** 1. Жулундаган куу, митаам, айлакер, алдым-жуттум. *Биз келе жатсак паана издеп, Кеби таттуу шылуундар, келатыптыр мал издеп* (Казыбек). *Арык аттар семиз болуп торолсун, Атка минер шылуун бизден жоголсун* (Осмонкул). *Кедейлер менен эптешип сүйлөшө ала турган шылуундарды кымызына сугарып, майына шыкап коюп ортого салды* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Шамдагай, эпчил, тың. *Конокчу биздин Күрүчбек кебетеленген шылуун жигит көрүнөт* (Саманчин).

**ШЫЛУУНДУК** Куулук, эпчилдик, митаамдык, айлакерлик, ыкчамдык.

**ШЫЛЫ** 1. Ажыратып кесүү, сыйрып алуу, ажырата бөлүү. *Сөөктөн этти шылып алуу. Ортон колумдун этин анын курч орогунун мизи шылып түшкөн экен.* 2. Кыя чабуу, кыя кесүү. *Култайдын оң жаагын кылыч жанып өтүп, оң кулагын бүт шылып түшкөн* (Абдукаримов). *Тиги апай чалгычылардын чөптү шылып жатканын капкайда кабардагандай болот* (Таштемиров). 3. *өт.* Тоноп алуу, эчтемесин калтырбай тоноп кетүү, алып коюу. *Болгон оокатымды күндөн-күнгө шылыгандын үстүндө* («Ала-Тоо»).

**ШЫЛЫН шылы** этишинин өздүк мамилеси.

**ШЫЛЫТ шылы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫЛЫШ шылы** этишинин кош мамилеси.

**ШЫМ БОЛУУ** Абдан уят болуу, маскарасы чыгып шылдың болуу. *А кокус Абылов айткан сөзүндө турбай, же колунан келбей калсачы? Анда анык шым болбодубу* («Ала-Тоо»).

**ШЫМ** Багалектүү, белден тушарга чейин кийилүүчү кийим. *Шымы жыртык бөбөктөргө карабай, Шымалана жапырт кеттик киришип* (Садыков). *Шахтёрлордун кийгени резина өтүк, брезент шым, катуу каска* (Сасыкбаев).

**ШЫМАЛ** Түндүк, түндүк тарап. *Күн жүрүшү Анжыян, Шымалында ойроттор* (Молдо Кылыч).

**ШЫМАЛАН** 1. Жеңин, багалегин түрүнүү, түрүнүп шамдагайлануу. 2. *өт.* Кандайдыр бир ишке кайраттанып, белсенип киришүү, белди бууп бет алуу. *Шымаланып майданга чыга бер, досум! – деди Бака* (Бейшеналиев). *Гүлайымдын эмгек дегенге жан-дили менен шымалана кирип кеткендигин да мына ушуну менен гана түшүндүрүүгө болот* (Абдукаримов).

**ШЫМАЛАНТ шымалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫМАЛАНУУ шымалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫМАЛАНЫШ шымалан** этишинин кош мамилеси.

**ШЫМДАКЧАН** Шымданып алган абалда, шымданып алган бойдон. *Колуна дүрмөттөлүү мылтыгын кармап, Кереч шымдакчан басып келди* (Жантөшев). *Чылбырын сүйрөп ат жүрөт, Шымдакчан басып эр жүрөт* («Манас»).

**ШЫМДАН** Көйнөгүн же башка ич кийимин шымдын ичине киргизип курчануу. *Үйдө кие турган тери малакайын баса кийип, бешмантчасын сары жаргакка шымданып курун сыртынан кыса курчанып алыптыр* (Убукеев). *Нурбай шымаланган, бардык кийимин шымданган* (Токомбаев).

**ШЫНАА** Бир нерсени жаруу, бөлүү, ажыратуу же бек бекитүү үчүн урула турган, үңгү жагы калың, жазы келип, уч жагы жукараак, миздүү болгон жыгач же темир тилкеси. *Шынаа кагуу. Чалгынын шынаасы. Шынаа уруп бекитүү. Шынааны шынаа менен кагып чыгарат* (макал).

**ШЫНААЛА** Шынаа уруу, шынаа кагуу.

**ШЫНААЛОО шынаала** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫНААРЛА** Жандоо, айланчыктоо, ээрчүү, жакындоо. *Соня жасанып, Сергейди шынаарлап калыптыр* (Сасыкбаев). *Нурийла болсо апасынын жанында шынаарлап турган болучу* (Таштемиров). *Арык шынаарлап шыйпаңдаган Сейитти эркелетип, ичинен кымылдай башын жерге салды* («Ала-Тоо»).

**ШЫНААРЛАТ шынаарла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫНААРЛАШ шынаарла** этишинин кош мамилеси.

**ШЫНОО шынаа** менен бирдей.

**ШЫҢГА** Келбеттүү, узун, сымбаттуу. *Арыкчырай шыңга кыз. Шыңга бойлуу, зыңкыйган жигит. Шыңга теректер желге акырын ыргалышат. Шыңга теректин кыл чокусунан карга какылдай, күн батыштан ызгаар сокту көрүнөт, бак ичи тынбай качырап чайпалууда* (Стамов).

**ШЫҢГЫР** Конгуроонун ичке үнү сыяктанып ачык, уккулуктуу чыккан дабыш. *Шыңгыр-шыңгыр көтөрүлдү бокалдар* (Токомбаев). *Бир кезекте жеңем турду, Чач мончогу шыңгыр деп.* (Үмөталиев). *Куду эле шыңгыр күмүш үн, Кулактан кетпей турушуң* (Алмазбеков). *Ак чабактар көлгө түшкөн жылдыздын четинен тиштеп, ойноп, жылдыздан шыңгыр эткен күмүш үн чыгат* (Стамов).

**ШЫҢГЫРА** Шыңгыр-шыңгыр эткен дабыш чыгаруу. *Бир жагынан телефон шыңгырап, бир жагынан кол машина чыкылдап, иш кызууда* (Сасыкбаев). *Суусун жуттук алтын аяк шыңгырап, Арманы жок асыл жыргал өмүрдө* (Абдыкадырова).

**ШЫҢГЫРАТ шыңгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫҢГЫРАШ шыңгыра** этишинин кош мамилеси.

**ШЫҢГЫРОО шыңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫҢГЫРТ шыңгыр** менен бирдей.

**ШЫҢГЫТ** *сүйл.* Шимирип ичип жиберүү, токтобой шимирүү. *Сапек аяктагы кымызды шыңгытып жиберди* (Током-баев). *– Абыш, муну шыңгытып жибер!* (Таштемиров). *Тоо булагын жата калып шыңгытсаң, Кырды бойлой күлүк минип зыргытсаң* (Токтакунов).

**ШЫҢК** Кыска, ичке үн менен күлгөндө чыккан дабыш. *Наташа көздөрүн жайната шыңк этип күлүп койду* (Жантөшев). *Күлкүсү жок шыңк эткен Кыздар жүрөт жабыгып* (Жантөшев).

**ШЫҢКЫЙ** Ичке, сыйда болуу, узунунан келип, сындуу, сымбаттуу көрүнүү. *Шыңкыйган терек, багжайган талдын жалбырактары саргарган* (Жантөшев). *Шыңкыйган жигит.*

**ШЫҢКЫЛДА** Шыңк-шыңк этип күлүү. *Шыңкылдап кыздар отурат, Жибектен соккон килемде* (Бөкөнбаев). *Шыңкылдаган калың күлкү, Калың күлкү жайылды* (Бөкөнбаев).

**ШЫҢКЫЛДАТ шыңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫҢКЫЛДАШ шыңкылда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫҢКЫЛДОО шыңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫҢКЫЛЫКТА шыңкылда** менен бирдей.

**ШЫП I** 1. Үйдүн ички төбөсү, потологу. *Сапар бир кыйлага эки колу менен төбөсүн чеңгелдеп шыпты телмирип карайт* («Ала-Тоо»*). Арууке үйдүн шыбын армандуу тиктейт кыймылсыз* (Стамов). 2. Тамдын төбөсүн жапканда устундун үстүнөн коюла турган жыгач.

**ШЫП II** Тездик менен, дароо, тез арада. *Колун шып этип тартып алды. Эшиктин алдында турган Алексеев шып сыртка чыкты* (Жантөшев). *Мен чыга сала кызды Чымырга өңөртүп, шып ээрге кондум* (Сыдыкбеков).

**ШЫПАА шыбаа** менен бирдей.

**ШЫПКА** Түгөнгүчө, түбүндө калтырбай бүт куюп алуу же ичип коюу; эч нерсе калтырбоо. *Ызакул көмүрдөй мурутунун ак ала болгонуна карабай, айранды шыпкап ичти* (Бейшеналиев). *Ал бойдо билим күчүн шыпкай жумшап, Аянбай жалын кече адамдардан* (Мамбеталиев).

**ШЫПКАЛ шыпка** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫПКАТ шыпка** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫПКАШ шыпка** этишинин кош мамилеси.

**ШЫПКОО шыпка** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫПТАЙ** Узун бойлуу ичке. *Шыптай жигит экен.*

**ШЫПТЫ** Анык, даана; кээде такыр, бүткүл, аягына чейин деген маанини туюндурат. *Шыпты кашка – анык баатыр, даана, мыкты. Шыпты кара Дөрбөнү* («Манас» С.О.).

**ШЫПТЫ КАШКА** Шыпылдаган, эч ийменип тайманып-тартынбаган, шок. *Бул шыпты кашка азыноолак малдын этегине эртең эле чыгат, – деди бай* (Токомбаев). *Шыңгынын уулу Кербени, Шыпты кашка Дөрбөнү* («Манас»).

**ШЫПШЫН** Өкүнгөндө, капа болгондо, таң калганда эриндерин бири-бирине жабыштыра чолп эткен дабыш чыгаруу. *Чоң эне эрдин чолп эттирип шыпшынып койду* (Сыдыкбеков). *Кубүрөп, шыпшынып, Сарагул эне үйгө кайра кирди* («Ала-Тоо»).

**ШЫПШЫНТ шыпшын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫПШЫНУУ шыпшын** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫПШЫНЫШ шыпшын** этишинин кош мамилеси.

**ШЫП-ШЫП зып-зып** менен бирдей.

**ШЫПЫЛДА** Шып-шып этип өтө тез кыймылдоо, тез-тез жүрүү, иштөө. *Жылдызкан колу колуна тийбей шыпылдап, этеги заматта толот* (Байтемиров). *Жума шыпылдай басып жөнөдү* (Жантөшев). *Уруя ыпылдап-шыпылдап жаны тынбайт* (Байтемиров).

**ШЫПЫЛДАК** Шыпылдап тез-тез кыймылдаган, шамдагай; эпилдек. *Суран колдон түшкөн шыпылдак жигит* (Бейшеналиев).

**ШЫПЫЛДАТ шыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫПЫЛДАШ шыпылда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫПЫЛДОО шыпылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫПЫР I** Калп, калпычы, жалган сөздү көп сүйлөөчү. *Шыпырдын айткан сөзү баары жалган, Шыпылдап жалган сөздөн таалим алган* (Тоголок Молдо).

**ШЫПЫР II** 1. Шыпыргы менен сүрүү, бир нерсенин үстүн сыдыра сүрүү, сүрүп тазалап кетүү. *Көсөл эшиктин алдына суу сээп, бир сыйра шыпырып чыкты* (Каимов). *Жаңыдан көрүп кубанып, Шыпырдым чеке теримди*

(Токтомушев). *Тиги килемдин үстүндөгү сууну шыпырып ташта* (Жантөшев). 2. Сыдыра, сыйыра алуу. *Шыпырып чечип кийимди, Шылуундар тонап алганы* (Казыбек). *Кол терисин шыпырып, Жолой алып калганы* («Манас»). 3. Эч нерсе калтырбоо, бүт бойдон алып кетүү, баарын алып коюу. *Болгон оокатыбызды бүт шыпырды да кетти* («Ала-Тоо»).

**ШЫПЫРГЫ** 1. Шыбактын, алтыгананын ж.б. баш жагы жазыраак, жалпагыраак формага келтирилип, шыпырууга ылайыкталып байланган тобу. *Канжыгасына он чакты шыбак шыпыргы байланган киши базардын төрүн көздөй бара жатты* (Сасыкбаев). 2. Ушундай нерсе жасала турган, баш жагы майда тарам-тарам болуп чачырап өскөн, тоголок кызыл дандары бар өсүмдүк. *Шыпыргы айдадык.*

**ШЫПЫРГЫЧ** 1. **шыпыргы** менен бирдей. 2. Шыпырган, шыпыруучу киши.

**ШЫПЫРТ шыпыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫПЫРУУ шыпыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫПЫРЫЛ шыпыр** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫПЫРЫН** Калп сүйлөө, шыпыртып, жалган айтуу. *Шыпырынып сүйлөсө, Касиет жок сөзүндө* (Шүкүрбеков).

**ШЫПЫРЫНДЫ** Шыпырылып ташталган акыр-чикир, таштанды. *Эшиктин алды үйүлүп жаткан шыпырынды* («Чалкан»).

**ШЫПЫРЫНУУ шыпырын** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫПЫРЫШ шыпыр** этишинин кош мамилеси.

**ШЫР** Тез, токтолбой, шыдыр. *Аким шыр жооп бере албай буйдалып калды* (Сасыкбаев). *Бурул шыр эле четте олтурган Жантыктын келинине басып келди* («Ала-Тоо»).

**ШЫР шыр-шыр** Суу же башка суюк зат куюлганда, акканда, мурдун тартканда же металлды кызытканда, эриткенде, ширеткенде ж.б. учурда шырылдап чыккан дабыш. *Мурдун шыр тартты. Булактын суусу шыр-шыр этип, эңкейиште көздөй жылжып агат* («Ала-Тоо»). *Кызыл учкун [чарыктан] шыр-шыр этип чачырады* (Сасыкбаев).

**ШЫРААЛЖЫН шыралжын** менен бирдей.

**ШЫРАЛГА** Мергенчинин олжосунан берилген же сурап алынган үлүш. *Алыбек аркардын этин койчуга шыралга кылды да, асканы аралап, илбирстей кылт этти. Мергендин адаты ууга чыгыш, менин адатым шыралга алыш* (Байтемиров). *Шыралга деп барганда, Атып койгон эчкисин Шыйрагын кеспей берген – деп* («Эл адабияты»).

**ШЫРАЛГАЧЫ** *диал.* Шыралга сураган.

**ШЫРАЛЖЫН** Ичке жалбырактуу, топтоп болуп түз чыккан куурай өсүмдүк.

**ШЫРБАЗ** *диал.* Сүткө багылган, семиртилген козу. *Шыргыйга шырбаз илдирет, Сыйчылдыгын билдирет* (Барпы).

**ШЫРГАЛАҢ** Жукалап муз тоңгон, тоңо баштаган, майда, жука муздары бар суу, же башка суюктук. *Шыргалаң аралашкан ак көбүгүн чачып, Көкөмерендин суусу күрпүлдөп жаткансыйт* (Жантөшев). *Шыргалаң кымыз.*

**ШЫРГАЛАНДА** Муз аралашып тоңо баштоо. *[Жылкычылар] кыштын күнүндө шыргалаңдаган муздак кымыз ичише турган* (Жантөшев).

**ШЫРГЫЙ** 1. Бутактары жок, ичке өскөн узун жаш карагай. *Эки шыргый орнотулуп тартылган кермеде байланып аттар турат* (Жантөшев). *Үйлөрдүн айланасы узун шыргыйлар менен бекитилген* (Жантөшев). 2. *өт.* Узун, жумуру, түз жыгач. 3. Бакан.

**ШЫРДА** Кабаттап шырып тигүү. *Шырдаган кара кементай.*

**ШЫРДАК** 1. Оюу салынып түрдөлгөн, жерге салынар бети ичтелген, оюулардын жээктери жана жалпы эле кырка чекелери жээктелип (жээк басылып), кээде туташ шырылып тигилген жерге салынуучу кийиз. *Төшөлүп турганга окшойт аянтыңа, Көгүлтүр, кырмызы түс шырдактары* (Мияшев). *Бурма шырдак жасап, Топчубай комуз чертип отурат* (Бөкөнбаев). *Төр жакта салынган оймолуу шырдак үй ичин көрктөндүрүп турат* (Бейшеналиев). 2. *диал.* Тердик (желдиктин алдынан салына турган токулга).

**ШЫРДАЛ шырда** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫРДАМАЛ** *диал.* Шырдак.

**ШЫРДАТ шырда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫРДАШ шырда** этишинин кош мамилеси.

**ШЫРДОО шырда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫРКЫРА** Шыр-шыр эткен дабыш чыгаруу, шырылдоо. *Устакананын бир бурчунда темирдин учкундары шыркырап, дөшүдөн тынымсыз шаңкылдаган үн чыгат. Майлуу түтүн буркурайт Аймап жалын шыркырайт* (Токомбаев).

**ШЫРКЫРАТ шыркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫРКЫРОО шыркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫРМА** 1. Чыптама. 2. Шырмал токум, чапан. 3. Шырып туруп, жерге салып коюучу төшөк түрү.

**ШЫРМАН** *диал.* Сүткө жуурулган камырдан жасалган нан. *Баратсам шашылып кырманга, Бур этти нан жыты жыпжылуу. Сүт сээп аз-аздан шырманга, Тандырга кол сунат бир сулуу* (Байзаков).

**ШЫРП АЛДЫРБОО** Эч дабыш чыгарбоо, бир нерсени туйгузбай, билгизбей тымызын иштөө. *Желдеттер шырп алдырбайт* (Бектенов).

**ШЫРП** Жалбырактуу, чөп-чарлуу жер менен жүргөндө, аралаганда чыккан дабыш. *Жойпу шырп эткен дабыш укса да үрөт* (Каимов). *Колуна чака кармаган Айдай шырп эткен дабыш чыгарбай булакка келди* (Каимов).

**ШЫРПЫЛДА** Шырп-шырп эткен үн чыгаруу.

**ШЫРТ** Шырп этkенге жакын келген дабыш. *Кайрадан келе жатты кокту менен Шырт эткен дабыш чыкса кулак салып* (Үмөталиев).

**ШЫРУУ шыры** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫРЫ** Кабатталган нерсени жип же шоона менен эки жагына өткөрүп кайра-кайра тигүү, беттештирип көктөө. *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). *Шырдак шырыды.*

**ШЫРЫК I** Шырылып тигилген тигиш.

**ШЫРЫК II шыргый** менен бирдей.

**ШЫРЫЛ шыры** этишинин туюк мамилеси.

**ШЫРЫЛДА** Шыр-шыр этүү, шыркыроо. *Бороон учурган кар кумдай шырылдап, чаңдай сапырылып, жылга-жыбыттарга тыгылып ширелип жатат.*

**ШЫРЫЛДАҢ I** Кыргыз элдик оозеки поэзиясындагы эмгек ырларынын бири (жылкычылардын ыры).

**ШЫРЫЛДАҢ II** Күзгү, кеч күздөгү кымыз.

**ШЫРЫЛДАТ шырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ШЫРЫЛДОО шырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ШЫРЫМА шырымал** менен бирдей.

**ШЫРЫМАЛ** 1. Беттештирип шырылган буюм. 2. Шырылып, кабылып тигилген, этеги кыска сырт кийим. *Шырымалымды колтуктап райкомго келдим* («Чалкан»).

**ШЫТЫР: шытыр-шытыр** Шырт-шырт эткенсип жапыз чыккан дабыш. *Кандайдыр бурчтанбы же тактанын алдынанбы шытыр-шытыр табыш чыгып чычкан жүрөт.*

**ШЫТЫРА** Шытыр-шытыр эткен дабыш чыгаруу, шытыр-шытыр этүү. *Чоно туюктан чыга бергенде жанындагы топ шилби шытырай түштү* (Каимов). *Аңгыча бет маңдайдагы чычырканак шытырап калды* (Каимов). *Шытырап жамгыр себелей баштады.*

## Щ

**ЩАВЕЛЬ Козугулак** менен бирдей.

**ЩЁТКА** Бир жак бетине кылдар, майда сымдар ж.б. жыш тизилип жасалган, бир нерсени тазалап, сүрүп жууш үчүн колдонула турган буюм. *Тиш щётка. Кийим щетка.*

**ЩИ** Тууралган капустадан жасалган суюк тамак.

# Ы

**ЫБА КАРОО** Ырайымдуу мамиле жасоо, көңүл бөлүү, назар салуу, жан тартуу, кайрымдуу мамиледе болуу. *Жапек ыба караган туугандардан дагы бир чейрекке жакын эгин жыйнады* (Жантөшев).

**ЫБЫР-ШЫБЫР** 1. Үн чыгарбай, бөлөккө угузбай акырын сүйлөшкөн кеп-сөз, шыбыраша сүйлөшкөн сөз. 2. *өт.* Ушак-айын, бирөөнү ушактаган кеп-сөз. *Ыбыр-шыбыр кепти коюп, шук жүрбөйсүңөрбү* (Сыдыкбеков). *Деги эле ыбыр-шыбырга жакындыгыңды айт* (Карыбай уулу).

**ЫВЫГАЛ** *диал.* Кокон хандыгынын учурунда кыргыздарга келип «үшүр» жана «түндүк салык» жыйнаган адам. *Ывыгалдар келип зекет жыйнаган.*

**ЫГОЖО** *диал.* 1. Түйшүк, санаа. *Тынчын алган ыгожо уйку бербеди.* 2. Туталак. *Жини келип ыгожо болду.*

**ЫГУУ ык** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫГЫМ: ыгым-чыгым** Ар кандай чыгымдар, бир нерсеге жумшалган, чыгымдалган каражаттар.

**ЫГЫН КЕЛТИРҮҮ** Ар кандай иштин жөнүн, эбин табуу, оңтойлуу кырдаалды түзүү. *Ыгыма келтирген жок, ыгыма келсе, жыгат элем* («Ала-Тоо»). *Чачылган чарбаны башкарып, иштин ыгын келтирген азаматтар арабызда көп* («Ала-Тоо»). **В.: Ыгын табуу.** *Ким тапты сенин ыгыңды, Ким кетирди сыныңды* (фольк.). *Азырынча дардаңдай бер, бир убакта сенин да ыгыңды табармын деген оюн айтты* («Чалкан»).

**ЫГЫНАН ЧЫКПОО** Айткан-дегенине макул болуу, ынтымакты бузбоо, айтканын аткаруу. *Ал сенин ыгыңдан чыкпайт. Тургунбек Алымбайдын ыгынан чыкпай иш алып барганына корстон болду* («Чалкан»).

**ЫГЫР ныгыр** менен бирдей.

**ЫГЫРЫЛ ыгыр** этишинин туюк мамилеси.

**ЫГЫРЫЛУУ ыгырыл** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫГЫШ ык** этишинин кош мамилеси.

**ЫДЫК** Кордук, зордук, ыза. *Орустан мурун кыргызды Кокон каны сураптыр. Ыдыгы катуу көрүнөт, Көчмөн эл буга чыдаптыр* (Тоголок Молдо).

**ЫДЫК КӨРСӨТҮҮ** Кысым кылуу, запкы көрсөтүү, кордук көрсөтүү. *Кыргыл менен Баймат Каныкейге ыдык көрсөтүшкөн* («Манас»).

**ЫДЫР** 1. Катар, бир нерсенин катарлашкан тартиби, ирети, байланышы, тизмеги. *Бешалты ооз сөзүнүн ыдыры кетип, бир азга мукактанды* (Жантөшев). *Чүкөнүн ыдырын буза атып, абалагын ордонун ичине түшүрдү.* 2. **Ырк** менен бирдей. *Ал колтук ачып, достордун ыдырын тымызын бөлүү нээтин көздөдү* (Саспаев).

**ЫДЫРА** 1. Тигишинен, жигинен ажырап кетүү, сөгүлүү. *Алиманын маасысынын тигиштери ыдырап кеткен* (Абдукаримов). *Кабыргасы ыдырап сөгүлдү.* 2. Бириндеп, ажырап, бөлүнүпбөлүнүп кетүү, тароо. *Ырың кандай, сураймын, жайың кандай, Ыдыраган заманда шайың кандай?* (Дүйшеев). *Булуттар туш-туш тарапка ыдырап тарады. Эл ыдырап тарай баштады.*

**ЫДЫРАТ ыдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫДЫРАШ ыдыра** этишинин кош мамилеси.

**ЫДЫРОО ыдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЖ-БЫЖ** Ыж-ыж этип үн чыгаруу, чуруучуу түшүү, ыж-быж этүү, ушундай үн чыгаруу.

**ЫЖЫК** Үстү калканчылуу, жел тийбей турган сере, атайын жасалган салкын жай.

**ЫЗ: ыз-быз** Аарынын ж.б. чымын-чиркейлердин ызылдаган үндөрү.

**ЫЗ-БЫЗЫ ЧЫГУУ** Абдан тынчы кетип күйкөлөктөө, тынчсыздануу. *Жетише албай ызбызы чыкты.*

**ЫЗ-МЫЗГА КЕЛБӨӨ** Эч буйдалбай, эч нерсеге карабай шашып-бушуу, калдастап кыймылдоо, шашкалактоо. *Ыз-мызга келбей, Байымбеттин колунан ойноктогон атынын суулугун булка таскактаткан бойдон жөнөдү* (Бейшеналиев). *Ыз-мызга келбей тегерете улам сууган жагын издеп, барс-барс аткыды* (Бейшеналиев).

**ЫЗА** Уялып, ызаланып, арданып калуу абалы. *Салык ызасына чыдабай бук түшүп калды* (Каимов). *Суусар эми чындап эле ыза болуп, булкулдай баштады* (Байтемиров).

**ЫЗААТТА** Урмат, сый, сыпайгерчилик көрсөтүү, ийменүүчүлүк менен жакшы мамиле кылуу. *Улууларга урмат көрсөтүп, кичүүлөрдү ызааттап жүргөнгө не жетсин, чырактарым* (Саспаев).

**ЫЗАКОР** Бат ызаланма. сөз көтөрө албаган, бат эле кызандап кетме. *Ызакор бала. Ызакор киши.*

**ЫЗАЛА** 1. Ыза кылуу. *Сиңдисин ызалап тамашалай баштады* (Токомбаев). 2. Күч колдонуу аркылуу кордоо. *Айбан чалыш ал балдар жаш кызды ызалап коюшуптур.*

**ЫЗАЛАН ызала** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫЗАЛАНТ ызалан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЗАЛАНУУ ызалан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗАЛАНЫШ ызалан** этишинин кош мамилеси.

**ЫЗАЛАШ ызала** этишинин кош мамилеси.

**ЫЗАЛОО ызала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗАЛУУ** Ызаланган, ызасы келген, ачуулуу. *Үчүнчүсү жетпей калып ызалуу, Чукчуң этип мойноп кетти таарынып* (Токомбаев). *Эт ачынып, ызалуубуз* (Сыдыкбеков). *Мейли эле да тикен кирсе ошондой, Ызаланбайм, андагыдай кайгырып* (Шимеев).

**ЫЗАЛЫК** Ыза болгондук, ачуулангандык, ызасы келгендик. *Чормондун ызалыгы басылганча чындыкты айтпай коё туралы* (Каимов). *Ызалыкка чыдабай ырастанып калыптыр* («Манас»).

**ЫЗАРГА БАРЫП КЕЛГЕНСҮҮ** Абдан чоң иш бүтүргөнсүү. *Сен эмне эле ызарга барып келгенсип корсоңдойсуң, – деп агасы күпүлдөй койду* («Кыргызстан маданияты»). **В.: Ызарга барчудай.** *– Эмне, ызарга барчудай жасанып алгансың?* («Ала-Тоо») к. **Ысар.**

**ЫЗАТ** Кичи пейилдик, урмат көрсөткөн мамиле, сый. *Ызатың жок, сыйың жок, Ыркыраган иттейсиң* (Токтогул). *Ызат кылууну урмат көргөн жигит болгон* (Бөкөнбаев). *Ызат кылып салам берет* (Сыдыкбеков).

**ЫЗАТТА** Ызат көрсөтүп сыйлоо, кичи пейилдик кылуу. *– Жүр, жүр! – деп колдон алды эки жашты, Чыгарып мурда ызаттап Шарапатты* (Абдыраманов).

**ЫЗАТТОО ызатта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗАТТУУ** Ызаты бар, кичи пейил, сыйчыл.

**ЫЗГААР** 1. Катуу суук, чыкыроон аяз. *Кыштын ызгаары эмнегедир кайта-кайта кылчактап эле кетпеди* («Ала-Тоо»). *Чилде ызгаарын тоотпой, Чыңдайлы булчуң денени* (Осмонкул). 2. *өт.* Ачуулуу, каардуу, кыжырлуу. *Байкасам, начальниктин маңдайында ызгаар да, шоола да сезилбейт* (Каимов). *Кабыланыңдын ызгаары, Бетине чыга калганы* («Манас»).

**ЫЗГААРДУУ** Ызгаары катуу, суук, аяздуу. *Декабрь айынын ызгаардуу күндөрүнүн бири* (Сасыкбаев). *Тоо жактан ызгаардуу шамал жүрүп, бетти чалкандай чагат* (Байтемиров).

**ЫЗГААРЛА** *өт.* Ачууланууу, каардануу, кыжырлануу, сүрдөнүү, сүрү бетине чыгуу. *Арак ичкенден башка эмне билесиң деп эле ызгаарлай берет* (Юдахин).

**ЫЗГААРЛУУ ызгаардуу** менен бирдей.

**ЫЗГУУ ызгы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗГЫ** 1. Уюлгуу, көтөрүлүү, буркуроо. *Көк түтүн каптап, чаң ызгый түштү* (Сасыкбаев). *Козголсо ызгыйт буркурап, Тоскоктой ысык топурак* (Токомбаев). 2. Чымын-куюн болуп айлануу, жүгүрүү. *Ысык-Көлдү кыркалап, Ызгып жөнөп калыптыр* («Манас»).

**ЫЗГЫРЫК** *аңч.* Бугу күүлөгөн мезгилде чыгарган үн.

**ЫЗГЫТ I** Анча чоң эмес саз канаттуусу.

**ЫЗГЫТ II** Булгаарынын, кайыштын тигишине кабаттап, кошо тигүү үчүн салынган ичке тилкелүү булгаары же кайыш.

**ЫЗГЫТ III ызгы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЗГЫТ** Бычылган же оюлган нерсенин ортосуна айырмалуу коюлган тилке.

**ЫЗЫ: ызы-чуу** Кандайдыр бир себептен улам чуулдаган, ызылдаган, тополоңго түшкөн тынчсыздык, кыйкырык-сүрөөн. *Ызы-чуу салып кыйкырышкан жылкычылардын үндөрү угулат* (Жантөшев). *Уй байлаган, ат айдаган, Кой маараган ызы-чуу* (Нуркамал).

**ЫЗЫЛДА** 1. Ыз-ыз этүү, ыз-ыз эткен дабыш чыгаруу. *Аарылар ызылдайт. Чиркейлер ызылдап, уйку бербейт.* 2. Ызы-чуу салуу.

**ЫЗЫЛДАТ ызылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЗЫЛДАТУУ ызылдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗЫЛДАШ ызылда** этишинин кош мамилеси.

**ЫЗЫЛДОО ызылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗЫРЫН** Бирөөгө аябай ачуулануу, каарын төгүү, каардануу. *Косолапов муштумун силкилдете ызырынып койду* (Жантөшев).

**ЫЗЫРЫНТ ызырын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЗЫРЫНУУ ызырын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЗЫРЫНЫШ ызырын** этишинин кош мамилеси.

**ЫЙ** Капалуу, кайгылуу, ишке, кырсыкка ж.б. карата көзүнө жаш алып муңкангандык. *Бышактаган ый, уу-чуу басыла түштү* (Баялинов). *Кайгы – пайдасыз, ый – жардамсыз* (макал). *Ыйдын түбү – ый, сыйдын түбү – сый.*

**ЫЙБАА** Сыйлаган, ызат кылган кишисинен уялып тартынгандык, уяттуу ишке бара албай кысынгандык, өзүн адептүү кармагандык. *Эшик алдында турган солдат ыйбаа кылгандай чыпыя калды* (Жантөшев). *Ыйбаа кылган го бечара* (Сыдыкбеков).

**ЫЙБААЛУУ** Ызаттуу, адептүү, кичи пейил. *Ал канчалык баатыр болсо да, ушул өңдүү кыздын жанында ыйбаалуу сылык жүрдү* (Сыдыкбеков).

**ЫЙБАДАТ** *к.* **ибадат.**

**ЫЙБАДАТКАНА** Табына турган, кулдук ура турган жай, мечит.

**ЫЙБАРАТ** Үлгү, мисал, таалым. *Жакшы иштен кийинки тукумдар ыйбарат алсын.*

**ЫЙГАР** 1. Бирөөгө бир нерсени берүүнү ой кылуу, бирөөгө арноо. *Боз атты Салыкка ыйгарып калышынын себеби ошол экен* (Каимов). 2. Чектөө, белгилөө. *Председателдикке ыйгаруу.*

**ЫЙГАРУУ ыйгар** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЙГАРЫЛ ыйгар** этишинин туюк мамилеси.

**ЫЙКА** Бир нерсени сүргүлөө, өйкөө. *Ток-*

*тор үңкүйүп араасын татырата ыйкап кирди* (Касымбеков). *Көчүгүн ээрге ыйкап.*

**ЫЙКЫ: ыйкы-тыйкы** Бир пикирде болбой араздашкандык, келишпестик, өйдө-төмөн кетишип, өз ара таттуу болушпагандык, жаман-жакшы айтышып, сен-мен деп калышкандык. *Сапарлар чоң ыйкы-тыйкы менен мугалимдер институтуна келишкен* (Бейшеналиев).

**ЫЙЛА** Капалуу, кайгылуу ишке, кырсыкка ж.б. карата көзүнө жаш алып муңкануу, ый баштоо. *Ыйлап жүрүп арык казсаң, ырдап жүрүп суу сугарасың* (макал). *Кайгырып ыйлап турсам да, Кайрылып чыкпайт кабарың* (Токтогул). *Кучактап алып Сырганы, Шолоктоп ыйлап сүйүндү* (Бөкөнбаев). *Мени оорулуу көкүрөккө кысып алып, апам дагы ыйлап жатты, кусалыктын бүгүн жазып* (Султанов).

**ЫЙЛААК I** Бир жерин күйгүзүп алганда, өйкөлгөндө ж.б. учурларда пайда болуучу ичине суу толгон каканак сыяктуу жара.

**ЫЙЛААК II** Көп ыйлаган, ыйы басылбаган, көз жашы тыйылбаган. *Кичинемде дарылдап ыйлаак да болупмун* (Сыдыкбеков). *Керез күчүн ыйлаак чекир көзүнөн чыгарып бырылдады* (Бейшеналиев)

**ЫЙЛААКТАН** Ыйлаак болуу, каканактап калуу.

**ЫЙЛААКТАТ ыйлаакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЙЛААР-ЫЙЛАМАКСАН** Ыйлап жатса да, ыйлап жаткандай болбоо, ыйлабай жаткандай түр көрсөтүү.

**ЫЙЛАЙ-СЫКТАЙ** Эптеп-септеп, бар мүмкүнчүлүгүн толук жумшап, тырмалап, аракеттенип жатып. *Бир кой дедиңер, ыйлай-сыктай аны араң таап бериштим* (Жантөшев).

**ЫЙЛАКТА** Бир ишти тапшырганда же жумшаганда шак эле макул боло калбай, калжактап, булкулдап моюн толгоп көңүлдөнбөй макул болуу.

**ЫЙЛАМАКСАН** Ыйлап жиберчүдөй абалда болуу, ыйлап жиберүүгө аз эле калуу, көзү жашылдана түшүү. *Ажар эрди титиреп, ыйламаксан болуп барып өзүн араң токтотту* (Баялинов).

**ЫЙЛАМСЫРА** Ыйлагансып, ыйлай тургансып көрүнүү, ыйлап жиберүүгө даяр болуу. *Абышка ордунан тура албай жатып ыйламсырады* (Жантөшев). *Ыйламсырап кемпир-чал Сонодон жооп сурады* («Мендирман»).

**ЫЙЛАМСЫРАТ ыйламсыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЙЛАМСЫРОО ыйламсыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЙЛАТ ыйла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЙЛОО ыйла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЙЛУУ** Ыйы көп, кайгы-капалуу. *Ыйлуу үйгө батынып кирбей кетет дийванаң* (Жантөшев).

**ЫЙМАМ** *дин.* Намазга жыгуу, мечитте намаз окутуу, кудайга сыйынуу ж. б. сыяктуу диндик кызматтарды алып баруучу дин башкаруучусу. *Мекедеги чоң ыймам – Ак эшенди алдырдым* («Манас»).

**ЫЙМАМАТ** *дин.* Жетекчилик кылуучу.

**ЫЙМАН** 1. Исламдын аныктыгына ынануу. *Ыйманы жолдош болсун! Элебестин көзү өтсө, артында эли бар* (Сыдыкбеков). *Өкүнөбү же ыйманын айтабы? Тирүүлүктөн эчак эле түңүлүп* (Токомбаев). 2. Жалпы эле адамкерчилик, абийир, адамдык жакшы сапаттардын жыйындысы катары кабылдоо, түшүнүү. *Бейыйман өлөр бекенсиң* («Манас» С.О.). *Кыздарга ыйман берсе, жакшылыктын жышааны кылт этип калгысы бардыр* («Ала-Тоо»). *Ыйманыңа камчы баспай айт* (Маликов). *Ышкы жокто, ыйман жок, Намыс жокто ары жок* («Эр Төштүк»). *Күндө бөлөк ыйлап күтүп дүйнөдөн, биз акырын өлүп бара жатабыз* (Дүйшеев).

**ЫЙМАН АЙТУУ** Өлүп бараткан адамга ислам дининин негизги жобосун үн чыгарып айтуу, угузуу.

**ЫЙМАНГА КАМЧЫ ЧАБУУ** Өзүнүн беделине, аброюна шек келтирүү, бедели түшүп, ыңгайсыз абалда калуу. – *Ыйманыңызга камчы чаппай сүйлөңүз, карыя!* (Байтемиров). **В.: Ыйманына камчы салуу.** *Тике карап туруп, ыйманыңызга камчы салбай айтыңызчы* (Байтемиров).

**ЫЙМАНДАЙ СЫР** Ичинде бар болгону, бардык чын ойлогону, оюндагы чындыгы. *Мен деле жашырбай, ыймандай сырымды төгүп отурам* (Медетов). *Күлүмканын эстеп куса болгондо да ушуга ыймандай сырын айтып, ушуга ысык жашы тамды* (Өмүрбаев). **В.: Ымандай сыр.** *Эми мен сага мынчалык кайрылып калган соң, акылым ордунда, көзүм тирүү чагымда ымандай сырымды ук* (Айтматов). – *Дос-с, андай экенсиң, ымандай сырыңды жашырба* (Бейшеналиев).

**ЫЙМАНДАШ** Жаны бирге, көңүлдөш. *Атабыз бирге ыймандаш, Тууган деп тентип келебиз* («Манас»). *А дүйнөгө ыймандаш, Бу дүйнөгө жыйгандаш* («Манас»).

**ЫЙМАНДУУ** Уяттуу, ынсаптуу, ыйманы бар. *Ыймандуу уул болбосо, баланын баласына кор экен* (макал). *Бул жер Кетмен-Төбө эмес, ыйык сапар кудайдын үйүнө бараткан ыймандуулардын жолу* (Токомбаев).

**ЫЙМАНЫ ЖОЛДОШ БОЛСУН** «Аркы дүйнөдөн жай тапсын, жаткан жери жайлуу болсун!» деген сыяктуу өлгөн адамга карата жакшы ниетин билгизүү, жакшы тилек каалоо маанисинде колдонулат. *Ыйманы жолдош болсун! – деп, өзүнчө дагы бир нерселерди күбүрөп, бата кылды Мурат карыя* (Медетов). *Ыйманы жолдош болсун, бечара! Өзүн жакшы көрчү элем, адамкерчиликтүү жигит эле, – деди* (Укаев).

**ЫЙМАНЫ КИРДӨӨ** Кадыр-баркы кетүү, аброю төмөндөө. *Абдыракман абтабачы «мансапкор», саткын атыгып, журт алдында ыйманы кирдеп калган, ага эч ким макул болбойт* (Касымбеков).

**ЫЙМАНЫ ООЗУНАН ТҮШҮҮ** *к.* **алдасы оозунан түшүү.**

**ЫЙМАНЫ САМАН БОЛУУ** Катуу коркуу, саруулап, эмне кыларын билбей шаштысы кетүү, далбастоо, апкаарып айласын таппоо. *Ыйманы саман болуп, кире качар тешик таппай, өңү саруулайт* (Убукеев). **В.: Ыманы саман болуу.** *Мындай кишилерди көргөндө ыманың саман болуп, жаның оозуңа капталат* (Жантөшев). **Ыманы заман болуу.** *Шволиктин ыманы заман болуп, алдынан жер көчтү* (Ашымбаев). **Ыйманы учуу.** *Бөбөктүн ыйманы учуп, далай түндү уйкусуз атырды* (Укаев). *Өмүр кылычтын мизинде туруп калган учурда адам ыйманы учуп акылга идиректүү эч нерсе илинбей, сенее түшөт* (Медетов). **Ыйманы төбөсүнө чыгуу.** *Көңүлүндөгү күдүгү менен кооптонгонун кара балээнин дал өзүнөн уккан соң, ыйманы төбөсүнө чыкты* (Укаев). **Ыйманы үркүү.** *Паризектин ыйманы үркөт, бүткөн бою дүркүрөгөнсүп кетет* (Ашымбаев). **Ыманы учуу.** *Өмүр дүбүрт чыккан жакка жалт бурулду. Эмнегедир ашыга бастырган атчандын карааны көрүнгөндө ыманы учту* (Сыдыкбеков).

**ЫЙМАНЫ ЫСЫК** Жылдыздуу, сүйкүмдүү, сүйгүнчүктүү. *Байымбет ыйманы ысык, күлмүң көз балага дептерин сунду сынамакка* (Бейшеналиев). *Кыздын жүзү жайдары, жылдыздуу, ыманы ысык болду* («Ленинчил жаш»). *Ыйманың ысык, жүнүң тирүү, тири карактыгыңдан туугандык боорум түтпөй, жетим бөбөктөрүң менен көчүрүп баратам* (Бейшеналиев). **В.: Ыманы ысык.** *Жолуктум суу боюнан сулуу кызга, Жылдыздуу ыманы ысык бойго жеткен* (Абдыраманов). *Балпайган ыманы ысык Калыйкан апанын колунан бала кезден даам таткамын* (Жусупов).

**ЫЙМАНЫҢ КҮЙГҮР!** Калп айткан, алдаган же башка жөнсүз иш кылган, чектен чыккан адамга карата жек көрүү, наалат айтуу маанисинде колдонулат. *Ыйманың күйгүр, ушак сүйлөбөй, уурулук кылбай жүрө албайсыңбы? –* дешип, карылардын баары Дөөмдү ортого алышты («Ала-Тоо»). *Мындай өзүн-өзү сатып, өзүн-өзү каралаган ыйманың күйгүрдө кандай касиет болсун!* («Кыргызстан маданияты»). **Ыйманыңды жегир!** *– Ой, ыйманыңды жегир! Катын аларың менен эле түтүнгө жазылгансың* (Үмөталиев). *Калп айтпа, ыйманыңды жегир! Тозок дегендин балакетине күп эле дей түшөсүң* («Кыргызстан маданияты»). **Ыйманың өрттөнгүр!** *– Оо! Ыйманың өрттөнгүр, эмне кылганымдан жаздым сага?!* (Сыдыкбеков). **Ыйманыңды жебе!** *Бир ат үчүн ыйманыңды жебе!* (Осмоналиев). *– Салыйка, суугуң өтүнүптүр. Ыйманыңды жебе!* (Жусупов).

**ЫЙЫК** 1. Касиеттүү, баалуу, кымбат. *Сөзүң чын, жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов). 2. Кол тийгис, касиети бар. *Адамдын колу барбаган, Ыйыктыгы бар экен* («Семетей»). *Тагдырдын керээзиндей ыйык сактап, Карекке элесиңди түнөтө албай* (Султанов). *Кол тийбес ыйык сакталат, Ата мекен журтубуз* (Тоголок Молдо). *Таазим этээр Жан дүйнөгө жакындар, Рухуңузду Ыйык көрүп туткандар* (Акматалиев). 3. Ийин, жалпы эле адамдын желке жак тарабы. *Укурукту ыйыгына салып, бай да желип чыкты* («Эл адабияты»). *Кичинемде ыйыгын мингизип, эркелетип чоңойткон атам минтип чүкөдөй чал болуп, кирип-чыкканды оор көрүп отурат.*

**ЫЙЫК ЖАЛ** Жылкынын баштан өркөчкө чейин желкеси. *Ыйык жалга мингизип* («Семетей» С.К.).

**ЫЙЫК КӨТӨРҮҮ** Малды бир нерсеге арнап коё берүү; эч кимге тийгизбөө. *Садырдын ыйык көтөргөн тору куунаны эле* (Жантөшев). *Аба Кошой, кебимди ук, Кой ичинде козголбос, Ыйык койгон серке бар* («Манас»). *Сен менин ыйык көтөргөн малымды тилдейсиң деп, Чынтемирди тилдеп, уруп коет* (фольк.).

**ЫЙЫКТА** Ыйык коюу, ыйык көтөрүү. *Куттуу Кулам совет берген төл башым, Ыйыктаймын малдарымдын булагы* (Токомбаев)

**ЫЙЫН** Зандоо же төрөө, тууш үчүн толгоо убагында күч менен ычкынуу.

**ЫЙЫНТ ыйын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЙЫНУУ ыйын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЙЫНЫП-ЫЧКЫНУУ** Бардык күчүн салып, тырыша аракеттенип, күчтөнүп, ыйынуу.

**ЫК I** 1. Ыңгайлуу, оңтойлуу, учур, жагдай. *Ыгы келсе. Ыгы келе калганда.* 2. Ыкма, бир нерсенин жөнү, ыктуу шарты, жагдайы. *Тапpadым деп ыгыңды, Талым кыз сөзгө жыгылды* (Тоголок Молдо). *Агитаторлордун мектептеринде аңгеме өткөрүүнүн жаңы ыктары, методдору, саясий иштердин ар түрдүү формалары үйрөтүлөт.*

**ЫК II** 1. Корголоп, бири-бирине жанаша туруп калуу, шамалдан, жаандан далдаланып ыктоо. *Жаандан ыккан кой, улак Каныбекти тебелеп сай сөөгүн сыздатып жатат* (Жантөшев). 2. Бир жагына жапырылуу, жапырылып калуу. *Жел жортсо кадимки толкундай ыгып шибери жапырылат* (Сыдыкбеков). *Ыргалышып аштык, чөп, Ыгып турду баш ыргап.* (Элебаев).

**ЫКААРАТ акаарат** менен бирдей.

**ЫКЛАС** Дит, ынтаа. *Алардын сөзүн ыклас менен тыңшап отурган Кадыркул өкүнгөндөй башын чайкады* (Каимов). *Ашыр келинчегинин эстүү сөздөрүн зор ыклас менен укту* (Сасыкбаев). *Бирок азыр Абай энесине сооп болсун деп куранды өзгөчө ыклас менен шашпастан, ушунчалык көңүл коюу менен окуду* (Ауэзов).

**ЫКЛАСМАН** Чын жүрөктөн берилген адам, чыны менен жакшы көргөн адам. *Колхоздун активдеринин бири минип жүргөн эң жакшы атты маа алып берген. Мына ушулар да мени а кишиге ыкласман кылып койгон эле* (Мавлянов).

**ЫКЛАСТАН** Ыкласын, дитин коюу.

**ЫКМА** Бир нерсенин жөнү, жолу, шарты,

ыгы. *Мындан ары да ушундай ыкма менен иште* («Чалкан»). *Сапар Шарип менен сураша келгенде тамтаңдап адашып, сүйлөө ыкмасынын начардыгын көрсөттү* (Бейшеналиев).

**ЫКМАЛУУ** Ыгы бар; ыгын билген, ыкчыл.

**ЫКРАЖ** 1. Кууп чыгуу, кубалоо, айдап чыгуу (негизги маани). 2. *өт. диал.* Сүт тикен (чөп).

**ЫКРАР** Моюн сунуу, багынычтуу болуу, макул болуу. *Нуска болуп жүрбөйбү, Катка ыкрар кылганым* (Молдо Кылыч). – *Журт!* – *деди ал азыр өктөм,* – *мына Кудаяркандын кандык эркине ыкрар болдук. Бетке бата тартылды* (Касымбеков ).

**ЫКСАН** Ак пейил, жакшылыктуу, боорукер (негизги маани).

**ЫКСЫЗ** Ыгы жок, дайынсыз, туура эместик. *Ыксызынан кай бирөөн, Ызалантып алышты* («Манас»). *Турмушка менин капа болушум ыксыз* (Шимеев).

**ЫКСЫРА** Магдырап уйкусу келүү; ысыкта талыкшуу, магдыроо. *Кымызга канган бир баатырдай ыксырап баратат* (Сыдыкбеков).

**ЫКСЫРАТ ыксыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКСЫРАШ ыксыра** этишинин кош мамилеси.

**ЫКСЫРОО ыксыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКТА I ык II** менен бирдей.

**ЫКТА II** Корголоо, жашынуу, жан соогалоо, жакындоо. Апал, Төрайымга ыктап эле калыптыр го («Ала-Тоо»). Бери мага ыктай отур.

**ЫКТОО** Шамалдан, жаандан ыгып далдалана турган жер, далда. *Мусабектер жар таштын ыктоосуна олтурушту* (Сасыкбаев). *Торобай жылкыны Кара-Ойдуң деген ыктоо жерге имерип коюп келген* (Абдумомунов).

**ЫКТУУ** 1. Ыңгайлуу, жайлуу; ылайыктуу. *А өзүң ыктуу учур боло калса, түндөгү мен айткандай иште* (Жантөшев). *Машкенин бөдөнөдөн корккону дагы бир ирет далилдегиси келген Ашым өзү да ыктуу учурду күтүп, бөдөнөнү тумшукка чертип коёт* (Сыдыкбеков). 2. Иштин, иштөөнүн ыгын билген, эптүү, шамдагай, эпчил. *Найзакерден ыктуу эр* («Манас»). *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы* («Эр Табылды»).

**ЫКТЫМАЛ** Мүмкүн экендикти же арсарлыкты билгизүү, болжолдоо, болжоп көрсөтүү үчүн колдонулат. *Сиз барыңыз, башкабыз барсак, осол кылып коюшу ыктымал* (Жантөшев). *Эр жүрүшкө барбай калса, кур чабуулга калп айткан турбайбы деп, сөз болушу ыктымал. Абаз ушул жагын ойлоп намыстанды* (Таштемиров).

**ЫКТЫРМА ыктоо** менен бирдей. *Кыштын күнү ыктырма, Жылуу жерге түнөткөн, Жаздын күнү тай-кулун, Даакыларын түлөткөн* (Осмонкул).

**ЫКТЫСАДЫ** 1. Жыйган-терген, үнөм (негизги маани). 2. Чарба-тиричилик, экономика. 1920-жылдары колдонулган термин. *Ар улут ыктысады, саясы турмушун жолго салып, кеңитип...* («Эркин-Тоо»).

**ЫКТЫТ** 1. Үшүгөндө, чыйрыкканда көкүрөк, көөдөн тараптагы булчуңдар тартылып, кыйк этип кеткен кыска дабыш чыгаруу. *Яша көзүн алак эттире ыктытып койду* (Жантөшев). 2. *өт.* Дегдөө, самоо, *Арак дегенде ыктытып турат* («Чалкан»).

**ЫКТЫЯР** Эрк, каалоо. *Өз ыктыярым менен Кызыл Аскерге санитарка болуп кирдим* (Жантөшев). *Айыл чарба артели өз ыктыяры менен бөлүнбөс фондуну белгилөөлөрү зарыл.*

**ЫКТЫЯРДУУ** Өз ыктыяры менен, өз каалоосу менен иштеген, бир нерсени иштөөгө, аткарууга макул болгон. *Ыктыярдуу отряд.*

**ЫКТЫЯРДУУЛУК** Өз эрки, өз каалоосу менен макул болгондук, көнгөндүк, жасагандык.

**ЫКТЫЯРДЫК ыктыярдуулук** менен бирдей.

**ЫКТЫЯРСЫЗДЫК** Ыктыяр эместик, өз каалоосу, өз эрки менен макул болбогондук, көнбөгөндүк, күчтөө, эркине койбоочулук. *Ыктыярсыздыкта өткөн күндөрү эсинен эч кетпеди* (Калык).

**ЫКЧАМ I** Тез, шамдагай, ылдам, кыймылы бат. *Ыкчам кыймыл. Ыкчам жигит. Аяк шилтеши да ыкчам болуп кетти.*

**ЫКЧАМ II** Анча суубаган, ысык бойдон. *Сүттү ыкчам бойдон уютупсуң да* («Ала-Тоо»).

**ЫКЧАМДА** Ылдам, ыкчам-ыкчам иштөө, тез-тез кыймылдоо. *Ыкчамдап бастыруу. Ыкчамдап иштөө. Сай жээктеп кашаттын түбү менен ыкчамдай келе жатышты* (Жантөшев).

**ЫКЧАМДАТ ыкчамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКЧАМДАШ ыкчамда** этишинин кош мамилеси.

**ЫКЧАМДОО ыкчамда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКЧАМДЫК** Тездик, бат кыймылдагандык, шамдагайлык.

**ЫКЧЫЛ** Ыктуу, эптүү, эпчил. *Каныбек ыкчыл көрүнөт* (Жантөшев). *Саналат эрдин эри мындай күндө, Атка чак, согушка ыкчыл, болуп каарман* (Токомбаев).

**ЫКЧЫРЫЛ** Жөнү жок эле күүлөнүп, желпинип, жинденип, зирилдеп калуу, туталанып калуу. *Эмне эле ыкчырылып калгансың, сиркең суу көтөрбөй* (Сыдыкбеков).

**ЫКША** Ары-бери кыймылдатып, чайкап шыкоо, копшолтуп ыкшоо. *Мүшөктөрдү жигиттер ыкшай-ыкшай көтөрүп, кампага кетип жатышчу* (Сыдыкбеков). *Бургусун күндө бекитип, Ыргайдан ыкшап мык кактың* (Токтогул).

**ЫКШАЛ ыкша** этишинин туюк мамилеси.

**ЫКШАЛТ ыкшал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКШАТ ыкша** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКШАШ ыкша** этишинин кош мамилеси.

**ЫКШОО I** Кашаң, жалкоо, мойну жар бер-

беген. *Мышык кызматкер эле Бир мекемеде, Анын сырын билебиз го, Барып турган ыкшоо неме* («Чалкан»).

**ЫКШОО II ыкша** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКШУУ ыкшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКШЫ** Боору катканча тынбай күлүү же тынбай катуу жөтөлүү. *Бекен андан бетер ыкшып күлдү* (Каимов). *Сансыз андан аркы сөздөрүн айталбай улам ыкшып жөтөлө берди* (Жантөшев).

**ЫКШЫЙ** Шылкыюу, чарчоо, көзүн үлүрөйтүү. *Инженер ыкшыйып олтурган калыбында кырс жооп берди* (Сасыкбаев). – *Атам сени келсин дейт. Сүйлөшөм дейт.. Көкө аң-таң калып, [Расулду] ыкшыя тиктеди* (Касымбеков).

**ЫКШЫЙТ ыкшый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКШЫЙЫҢКЫ** Жүдөңкү, оорусунган, маанайы басыңкы абалда болуу.

**ЫКШЫМА** Ыкшып калган, ыкшып күлчү адаты бар, ыкшып жөтөлчү кесели бар. *Кемпирдин ыкшыма жөтөлү кармады.*

**ЫКШЫРАЙ** Көзүн жүлжүйтүп бирөөнү же бир жакты тиктөө, кароо. *Эрдин чүйрүйткөн Мурза бир көзүн ыкшырайтып, адыр жакты карады* (Сасыкбаев). *Камка карылыктан куну кеткен көздөрүн ыкшырайтып... калчылдаган колун чекесине алды* (Сыдыкбеков).

**ЫКШЫРАЙТ ыкшырай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКШЫРАЙЫШ ыкшырай** этишинин кош мамилеси.

**ЫКШЫРАЮУ ыкшырай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКШЫТ ыкшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКШЫЮУ ыкшый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКЫ** Колдун башы менен акырын уруп коюу, какус-кукус кылып коюу, акырын теминүү. *Атаң айтып сени кичине ыкытып коёюнбу, же жөнөйсүңбү* (Борбугулов). *Султан атын май колтукка ыкый теминди* (Юдахин).

**ЫКЫБАЛ** 1. Кедер, бакыт, таалай. 2. Бедел, сый-урмат. *Ыкыбалдуу жакшылар, Эл көзүнө мазардай* (Санат). *Ассалому алейкум, Адам атанын ыкыбалдуу балдары!..* (Касымбеков).

**ЫКЫБАЛДУУ** Ыкыбалы бар, абийирдүү.

**ЫКЫЛАС** 1. Ниет кылуу. *Университетте окусам деген ыкыласым бар эле.* 2. Көңүл. *Акылдын баяндамасын отургандар зор ыкылас менен угушту. А пейилдер, ыкыластар алдына, Калгысы бар килем боло төшөлө* (Эрматов).

**ЫКЫЛАС ыклас** менен бирдей.

**ЫКЫЛАСТУУ** Ыкыласы бар, көңүлү, ынтаасы бар.

**ЫКЫЛДА** 1. Бирөө басып ныктаганда, булкулдатканда ык-ык этүү; ыктыткансыган дабыш чыгаруу. *Ашым тизеси менен ныгыра баштаганда ыкылдай баштады.* 2. Сугун артуу, жулунуп-жүткүнүү, алсам-жулсам, жутсам деп эле жуткуна берүү. *Ыкылдап эле калыпсың, бирдеменин ичинен чыгат көрүнөсүң* (Токомбаев).

**ЫКЫЛДАТ ыкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫКЫЛДОО ыкылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫКЫМ** 1. Эпчилдик, шамдагайлык, ыктуулук. *Качаган койду ал ыкымы менен кармайт.* 2. Сыр, ал-абал, ык, көңүл. *Ыкымды алып алып, амалымды билип алып, анан ушул ишти жасаптырсың го, өлгүр* (Саспаев).

**ЫКЫР-ЧЫКЫР** Майда-барат таштандылар. *Ыкыр-чыкырды тазалап, короону шыпырып койсоң боло.*

**ЫКЫРАР, ЫКРАР** Моюн сунуу, макул болуу. *Бүт кыпчак уругу көтөрүлүп, жаңжал көбөйүп, сиздин алтын тагыңыздын баркы кетет, ыкырар кылыштан баш тартат* (Касымбеков).

**ЫКЫС** *диал.* Док, доомат.

**ЫКЫС БЕРҮҮ** Октос берүү, жүткүнүү, демитип туруу. *Бычак сабы кончтон чыгып, ыкыс берип өңүп, араң турат* («Ала-Тоо»). *Койлор башын төмөн каратып, ыкыс коюп турушат* (Баялинов). *Чакадагы сууну колуна кармаган боюнча үйгө ыкыс берген Кычандын астын тороп, Кымка эне чебеленди* (Бейшеналиев).

**ЫЛ** Көздү каптаган ак чел.

**ЫЛАА** Жай айларында жылкыны ылаалатып, тынчын алуучу чымын. *Сайгак ылааны жолдош кылып, жылкыга барып тынчын алышты* («Жомоктор»).

**ЫЛААЖЫ** Айла, амал. *Ылаажысын тапсын да, атам Чөл баатырдан ыраазылык алсын дейт* (Убукеев).

**ЫЛААЖЫСЫЗ** Айласыз, аргасыз, амалсыз, аргасыздан. *Атам айта бергенден кийин ылаажысыз бармакчы болдум. Ошондуктан бүткүл эл күтүүгө ылаажысыз болду.*

**ЫЛААЗЫМ** Зарыл, керек, тийиш. *Иштин өз убагында бүткөнү ылаазым.*

**ЫЛААЛА** 1. Ысык күндөрдө чымын-чиркейден корунуп башын өйдө-төмөн силкилдетүү (жылкыга карата). *Ылаалаган жылкы, сайгактаган уй жок* (Жантөшев). *Аттар чымын-чиркейден ылаалап, мурундарын бышкыртып, токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов). 2. *өт.* Өтө жай, эриккенсип басуу. *Ылаалап, силкип чолпусун* (Токомбаев). Ылаалабай тезирээк бассаңар боло.

**ЫЛААЛАТ ылаала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛААЛОО ылаала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛААНАТ, ЛААНАТ, НААЛАТ** Каргыш тийген, каргышка калган. *Башкы атасы маңгулдан, Басташканын нан кылган, Лаанатты жат кылган* («Манас»).

**ЫЛААЧЫН** Майда канаттууларды, жандыктарды алып жечү, бийик жана тез учуучу

кыраан куш. *Ылаачын, шумкар, турумтай, Кыргый, күйкө, жагалмай, Учканы соккон шамалдай. Шумкардын жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо). *Эр колунан ылаачын тойбойт, эне колунан кыз тойбойт* (макал). *Ак булутту ылаачындай айланып, Ат ордуна аэроплан миништи* (Маликов).

**ЫЛАЖЫ ылаажы** менен бирдей.

**ЫЛАЙ** 1. Топурактын сууга эзилип, чалмаланып, баткакка айлангандагысы. *Кар жиреп, ылай кечтик, суудан өттүк, Чети жок мелтиреген көлгө жеттик* (Үмөталиев). 2. Чалчык, киргил, чалмаланган (ылайланган сууга карата). *Жылдызкан арыкка келди да, жылжып жаткан ылай сууну карап, азга турду* (Байтемиров). *Ылай суу – оору булагы* (макал). 3. Кыш куюу, колек жасоо, дубал согуу же шыбакка пайдалануу үчүн атайын жасалган баткак. *Ылайдын иши бел менен, Дыйкандын иши жер менен* (Барпы). *Аскар ылайды күрөктөп сузуп, калыпка ашырат* (Сыдыкбеков).

**ЫЛАЙ ЖҮРӨК** *к.* **суу жүрөк.**

**ЫЛАЙДАЙ СЕМИЗ** Аябай семиз, былкылдаган майлуу. *Ылайдай семиз ноопаз. Ноопас ылайдай семиз эле* (Абакиров).

**ЫЛАЙЛА** Сууну киргил тарттырып булгоо. *Сууну шапшып ылайлабагыла. Башкалар даттанып жатат, Байкагыла* (Борбугулов). *Мага окшогон кежир улам кечип ылайлайт* (Сыдыкбеков).

**ЫЛАЙЛАН ылайла** этишинин өздүк мамилеси,

**ЫЛАЙЛАТ ылайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛАЙЛАШ ылайла** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛАЙЛОО ылайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛАЙЛУУ** Ылайы бар, ылайланган, ылайы көп. *«Победа» ылайлуу жолдон шыдыр жүрө албады* (Каимов). *Дарыя али ылайлуу, тартыла элек, Күн чыга кечип өттүк өйүз жакка* (Абдыраманов).

**ЫЛАЙЫК** Жарактуу, туура келген, ылайыкталган, жарай турган. *Тыпыйган керебетине ылайык кичинекей шайы жууркандары катар жыйылган* («Жаш ленинчи»). *Ылайык көрүү. Акылга ылайык. Ылайык табуу.*

**ЫЛАЙЫКСЫЗ** Керексиз, ылайыгы жок, жарабаган, туура келбеген. *Сиздей кишиге ый ылайыксыз! Айрыкча ушул жерде ыйлоонун жөнү жок* (Жантөшев). *Бул сөзүң ылайыксыз болсо керек, Жалындуу жаш жүрөгүм калган кармап* (Турусбеков).

**ЫЛАЙЫКТА** Ылайык келтирүү, туура келет деп эсептөө. *Фермага ылайыктап конуш чалып, Кондурган маңдай-тескей айылдарын* (Үмөталиев). *Бул замандын кейпине ылайыктап жасап алдык Акылды, Ойду, Адамды* (Элебаев).

**ЫЛАЙЫКТАЛ ылайыкта** этишинин туюк мамилеси.

**ЫЛАЙЫКТАТ ылайыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛАЙЫКТОО ылайыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛАЙЫКТУУ** Туура, ылайыгы бар, жараган, ылайык келген. *Сулуулугуна жараша келинчегиңдин аты ылайыктуу коюлуптур* (Сасыкбаев). *Ылайыктуу кеп. Ишке ылайыктуу адам.*

**ЫЛАЙЫМ** Дайыма, ар дайым, ар качан. – *Кайратыңан айланайын! Ылайым тилегиңе жет!* (Жантөшев). *Кабылан туутан кулунум, Аман жүргүн ылайым!* («Манас»). *Ылайым такыр эчтеме билбей калгың бардыр* («Чалкан»).

**ЫЛАКАП, ЛАКАП** 1. Кандайдыр бир болуп өткөн окуяны, турмуштук фактыны же адамдын мүнөзүндөгү, кылык-жоругундагы өзгөчөлүктү нуска иретинде элестүү, учкул сөздөр аркылуу берүүчү кыска сүйлөмдөр. *Боёкчу боёкчу десе, сакалын кошо боёптур. Алпагай кызга салпагай күйөө. Ылакапка айланган кылык-жорук, чечмелейин мен азыр аны жоруп* (Сагынбаев). 2. Жасама ат, псевдоним. *Ал ошондон кийин «ит атаар» дешип ылакап атка конду.*

**ЫЛАКАПТУУ** Ылакап менен байланышкан, ылакапка айланган.

**ЫЛАКТЫРУУ** Кандайдыр нерсени катуу таштоо, ыргытуу. *Ылактырып салганы* («Манас» С.О.).

**ЫЛАМА** Чоң, башкы насаатчы. Тибеттеги XVI кылымдан бери лама чиркөөсүнүн жогорку дин башчысынын наамы; феодалдык диний башкаруучу жана динчилер сыйынган адам түспөлүндөгү «тирүү кудай». Ламаизмдин догмалык принциби боюнча Далай лама өлбөйт. Анын жаны өзү өлгөндө жаңы төрөлгөн балага «көчөт». Жаңы Далай лама ушундай балдардан шайланган. *Ыламасын бир кылган* («Манас» С.К.).

**ЫЛАҢ** 1. Малдын жугуштуу оорусу. *Кырсыктан сактануунун биринчи чарасы–койду ылаңдан сактоо* (Жантөшев). *Малда ылаң бар* (Каимов). 2. *өт.* Кырсык, бакытсыздык, оор күн, оору-сыркоо. *Бийиң кылаң болсо, журтуң ылаң болот* (макал). *Үшүк урду жеримди да, элимди, Жүзүмдөрүм өлүп калды ылаңдап* (Абылкасымова).

**ЫЛАҢАЧ ЫЙЫК** Адамды колдоочу, жөлөөчү.

**ЫЛАҢДА** Ооруп калуу, оору, ылаң тийүү. *Ылаңдаган мал.*

**ЫЛАҢДАТ ылаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛАҢДОО ылаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛАҢДУУ** Ылаңдап калган, ылаңы бар, ылаң тийген.

**ЫЛАҢКАСЫ** Кем карчы. *Анан калса маарекенин түйшүгү түгөнгүс, ылаңкасы арылгыс болот эмеспи* (Айтматов).

**ЫЛАПСИ** Напси. *А түгүл, кээде Алланын амирине кайчы ылапси артып киребиз* (Даникеев).

**ЫЛАШКЕР** Аскер башы. *Ылашкер он миң кол алып* («Манас» С.К.).

**ЫЛГА** Тандоо, тандап алуу. *Тартипке салып өкмөт, Аныктап ылгап жатпайбы, Адамдын адал, карасын* (Токтогул). *Сланецти ылгап алып, обочо ыргытып ташташат* («Чалкан»).

**ЫЛГАЛ ылга** этишинин туюк мамилеси.

**ЫЛГАМА** *диал.* Тандалма, иргелме. *Алтымыш үйлүү адамдын, Ылгамасы түйгүнум («Эл ырлары»)*

**ЫЛГАН ылга** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫЛГАТ ылга** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛГАШ ылга** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛГОО ылга** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛГООСУЗ** Талдоосуз, колго урунганын тандабай, ылгабай ала берме.

**ЫЛГЫЙ** Өңчөй, бүт, бир өңчөй. (*Шахтада) машинисттер, бекиткичтер ылгый жаштардан* (Сасыкбаев).

**ЫЛДАМ** Буйдалбай, тездик менен, бат, бачым, ыкчам. *«Жолуң ачык мынакей баскын ылдам, Мезгил эмес, бир минут күтө турган»* (Осмонов). *Ылдам иштөө. Ылдам бүтүрүү.*

**ЫЛДАМДА** Кыймыл-аракетин ылдам кылуу, ылдам иштөө, ыкчамдоо. *Элдияр баатыр ылдамдап, Аяр кылбай чамдагын* («Эр Табылды»).

**ЫЛДАМДАН ылдамда** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫЛДАМДАТ ылдамда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛДАМДАТУУ ылдамдат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛДАМДАТЫШ ылдамдат** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛДАМДОО ылдамда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛДАМДЫК** Жүрүүчү, кыймыл-аракетте болуучу кандайдыр бир нерсенин тездик даражасы, жүрүштүн, кыймыл-аракеттин тездиги. *Айыл чарбасынын өсүшүнүн темпин көз жетпегендей ылдамдык менен өсүүгө жеткирди* («Советтик Кыргызстан»). *«ФД» паровозуайрыкча ылдамдык менен алып бара жатты* («Советтик Кыргызстан»). *Машинанын ылдамдыгы.*

**ЫЛДЫЙ** 1. Төмөн, бийиктиктин, жогорунун карама-каршы (төмөнкү) жагы. *Тоодон ылдый карай куланып отуруп, этекке чейин жете келди. Тепкич менен ылдый түшүп келе жатты. Ылдый жакты кара.* 2. Даражасы, баасы, сапаты ж.б. жактары начар, төмөнкү деңгээлде, кем. *Баасы ылдый. Даражасы ылдый болуу.*

**ЫЛДЫЙКЫ** Төмөнкү, ылдый жактагы, жогоркунун карама-каршысы. *Ылдыйкы айыл.*

**ЫЛДЫЙЛА** 1. Ылдый жакка карай төмөндөө, төмөн түшүү. *Айдай ордунан туруп, асканын түбүн көздөй ылдыйлап жөнөдү* (Каимов). *Күн уламдан-улам ылдыйлай берет* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Начарлоо, алдан-күчтөн таюу, алсыздануу. *Анар ылдыйлагандан ылдыйлады* (Шүкүрбеков).

**ЫЛДЫЙЛАН ылдыйла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫЛДЫЙЛАТ ылдыйла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛДЫЙЛАШ ылдыйла** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛДЫЙЛОО ылдыйла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛДЫЙТАН** Төмөнтөн, төмөн жактан. *Ылдыйтан шамал жел согуп, Ый менен зардуу боздоду* (Бөкөнбаев).

**ЫЛДЫЙЫШ** Тоо бетинин эңкейиши, ылдый түшүшү. *Ылдыйышта аттын ээри мойнуна кетет, чаполоңун бек тарт* (Баялинов).

**ЫЛДЫРА** Үлбүрөө, араң-араң, эптеп-септеп кыбыроо. *Өлбөстүн күнүн көрүп, ичпестин ашын ичип, жакпастын отун жагып, ылдырап жашай беришти* («САЖИ»). *Көкөнүн өзүнөн өзү ылдырап араң турган эски боз көйнөгү колго келбей, шала-шала тытылып кеткен болучу* (Касымбеков).

**ЫЛДЫРАТ ылдыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛДЫРОО ылдыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛЖАК** 1. Жагымсыз күлкү, жылмаю. *Ал жооп берүүнүн ордуна ылжак этип күлүп койду.* 2. Обу жок сүйлөп, обу жок күлгөн адат. *Орду жок эле ылжактай бересиң да, койсоңчу ушунуңду.*

**ЫЛЖАКЕ** Ылжактай берген киши. *Ылжаке кызга тыржаке күйөө* (макал).

**ЫЛЖАКТА** Ыржандап, ыржаң-ыржаң этип жагымсыз күлүү, ыржандап сүйлөй берүү.

**ЫЛЖАҢ** Токтоорок болбой жалжандай бергендик.

**ЫЛЖАНДА** Ыржандап жагымсыз күлүү.

**ЫЛЖАҢДАТ ылжаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛЖАҢДОО ылжаңда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛЖУУ ылжы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛЖЫ** Аябай, абдан мас болуу. *Кездешип бири-бирине камчы салды, Ылжыган далай мастар «сээниби» деп, Жел бакан, келтек, чокмор, союл алды* (Турусбеков).

**ЫЛЖЫЙ** Кебетесин бузуп, оозун араандай ачып күлүмүш болуп коюу, оозун ачып эле жүрө берүү. *Ылжыйып эле жүрөсүң, деги колуңан бирдеме келеби? Кеп айта албай ылжыйды.*

**ЫЛЖЫК ылжак** менен бирдей.

**ЫЛЖЫРА** 1. Былжырап жара болуп кетүү. *Ылжыраган таз болгун, Азыркы кейпиң жоготуп, Төштүк!* («Эр Төштүк»). *Ичегим шишип ылжырап, Ич этим калды былжырап* (Тоголок Молдо). 2. Эзилүү, эзилип колго келбей калуу. *Ылжырап бышкан эт. 3. өт. Мажүрөө, жүүнү бош. Анын ылжыраган бир бечара экен, иштин өтөөсүнө чыга алабы («Эркин Тоо»).*

**ЫЛЖЫРАТ ылжыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛЖЫРАШ ылжыра** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛЖЫРОО ылжыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫЛЖЫТ ылжы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЛЖЫШ ылжы** этишинин кош мамилеси.

**ЫЛОО** 1. Мингич, бирөөгө убактылуу пайдалануу үчүн күчүн берген мингич, көбүнчө ат. 2. Жүк жүктөлүүчү мал (жылкы, уй, төө ж.б.). *Атынан ылоо байлатып* («Манас» С.О.). *Ат табылгыча аяк ылоо. Өзүңүз ат ылооңуз менен аман келдиңизби?* (Жантөшев).

**ЫЛООЛО** Бирөөнүн унаасын сурап пайдалануу.

**ЫЛООЧУ** Унааны коштоп жүрүүчү. *Мусабек өзү көк чолокту минип, Ашырды ылоочудан бетер ээрчип алды* (Сасыкбаев). *Жүктүү төөгө мингиздиң, Ылоочу кылып жүргүздүң* (Тоголок Молдо).

**ЫЛТЫМАС, ИЛТИМАС** Өтүнүч, сураныч, кайрылуу. *Кана эмесе, ичкери кириңиз,– деп Курманбүбү мейманды ичкери кирүүгө ылтымас кылды* (Абдукаримов). *Биз сенден ылтымас кылып сурайбыз.*

**ЫЛЫК** Жылуу. *Тоолордун нуру ылык деп, Кекилик пари жылык деп, Табышар ата-энесин, Өлбөсө эсен жүрүп деп* («Эл адабияты»).

**ЫЛЫМ** Жакындык мамиле. *Ылымыбыз жок, ылымы бар.*

**ЫЛЫМ САНОО** Жан тартуу, жакынсуу, ие тартуу, жакшы көрүү. *Касымбек өз кадырын көтөрткөн шайырларынын ичинен ылым саналганы, менчик деп эсептегени Нурдин* (Бейшеналиев). *Канткен менен жердештик кылып, ылым санап, адамгерчилик кылып жатпайбы* (Абдукаимов). *Каныбек жакын арадагы ылым санашкан жатакчыларды чакырды* (Жантөшев). *Ичи жылып ылым саналган Адылов менен сүйлөшкүсү бар* (Стамов). **В.: Ылым тартуу.** *Эмнегедир ал мага ылым тартып турат.*

**ЫЛЫМДАШ** Бирөө менен жакын болуп жүрүү, жакындашуу; бирөөнү жакын саноо, бирөөгө жан тартып, жакшы санашкан мамиледе болуу.

**ЫЛЫМТА** 1. Далдаа, жаан-чачын тийбей турган жер, шамалдан коргоно турган жай, ыктоо жер. *Чыйрыккан Жылдызкан мындай ылымта жерде кадимкидей жылый түштү* (Байтемиров). *Асканын алды ылымта жана от болгондуктан, койлор өтө тынчтыкта оттоп жатышат* (Жантөшев). *Буюккан кийиктер бөксөгө ылымтага карай ыкташты* (Токомбаев). 2. *өт.* Канатына калкалоо, кам көрүү, жардам берип сүйрөө. *Ал начальнигинин ылымтасында, ага бирдеме дей албайсың* («Агым»). 3. Мелүүн. *Эптеп эле ылымта чай берди.*

**ЫМ I** Көз ирмеп, ымкап берилген белги. *Көк деңизде жүргөн сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып, жымыңдашат* («САЖИ»).

**ЫМ II: ым түлөк** *к.* **түлөк.**

**ЫМАЛА** Ырк, бири-бири менен ынтымагы бар, ынтымакташкан мамиле. *Илгертеден ымалабыз бар эле* (Стамов).

**ЫМАН ыйман** менен бирдей.

**ЫМАНДУУ** Ыманы бар, уяттуу, абийирдүү, чынчыл.

**ЫМАНЫ УЧУУ** *к.* **ыйманы учуу.**

**ЫМАНЫ ЫСЫК** *к.* **ыйманы ысык.**

**ЫМДА** Көзүн кысуу, көзүн кысып чакыруу, белги берүү. *Чакырганга келбеген, ымдаганга зар болот* (макал). *Артём көзүн ымдап, колун жаңсап солдатты жанына чакырып алды* (Жантөшев).

**ЫМДАШ ымда** этишинин кош мамилеси.

**ЫМДОО ымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫМЖАН** Араң эле жаны бар, чала жан, чала жансар. Байкушту өлөрчө сабаган экен, ымжан эле жаны калыптыр.

**ЫМЛА** 1. Орфография, жазуу эрежелери. 1920-жылдары колдонулган термин. 2. *өт.* Бир ынтымакта, биргелеш, бир беткей. *Баарыбыз бул маселеде бир ымлада болобуз.*

**ЫМТЫКАН** Сыноо, текшерүү. 1920-жылдары колдонулган термин. *Чоң Ташкендин өзүндө ымтыкан берерибизге абдан ыраазы болдук* (Абдукаримов). *Бала эмес, андай ымтыканды чоң кишинин көтөрүшү күмөн* (Даникеев).

**ЫМТЫРА** 1. Жүүнү бошоо, шалдыроо. *Улак ымтырап өтө жоош* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Мемиреген, тынч. *Оң четинен ымтыраган айылдын, Чоң коркунуч асман жерди баскандай* (Бөкөнбаев).

**ЫМТЫРАТ ымтыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫМТЫРАШ ымтыра** этишинин кош мамилеси.

**ЫМТЫРОО ымтыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫМШУУ ымшы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫМШЫ** Бир аз тердөө, нымшуу. Сорпо ичкенден кийин бир аз ымшып, чыйрыкканым басылды («Эркин Тоо»).

**ЫМШЫТ ымшы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫМЫК** Суулуу, нымдуу. *Сыртта ымык кар жаап жатат.*

**ЫМЫКТУУ** Нымдуу. *Ымыктуу муздак шамал кишини чыйрыктырып үшүтөт* (Айтматов).

**ЫМЫЛА ымла** менен бирдей.

**ЫМЫН-ЗЫМЫН БОЛУУ** Ыйманы жерге житип кетүү, ыйманы учуп, жан бүдөгө түшүү.

**ЫМЫРКАЙ** 1. Мала кызыл өң. *Ымыркай чыт. Ымыркай тартуу.* 2. *өт.* Жаңы төрөлгөн бала, кызыл эт бала. *Ымыркай бала куштун көлөкөсүндө тоңот* (макал). *Тиги аял ыңаалап ыйлаган ымыркай баланы Түлөбердинин этегине салды* (Жантөшев). *Ымыркай кезде ушул эне торолткон* (Бейшеналиев).

**ЫМЫР-ЧЫМЫР БОЛУУ** Чымырап уюгандай же жыбыр-жубур эткендей абалда боло түшүү. *Айшанын бүткөн бою ымыр-чымыр болуп маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Өйдө турайын десем, бутум ымыр-*

*чымыр болуп жыгылып кете жаздадым.*

**ЫМЫРТ** Күүгүм, күүгүм тарткан караңгылык. *Уламдан-улам ымырт каптап, айлананы караңгынын оор салмагы баскансып келет* (Жантөшев). *[Ажар] каш карайып, ымырт жабылган кезде ордунан туруп, кайта жолуна түштү* (Баялинов).

**ЫМЫЯН-ЧЫМЫЯН** Баары, бүт бардыгы.

**ЫНА** Ишенүү, ишенип калуу, макул болуу, моюн сунуу. – *Макул деп түлкү ынады, Сынамакка чыдады* (Тоголок Молдо). *Анын айтканына ынабай коюуга болбойт* (Каимов). *Бир сөз айтты алар мага ынанган, «Айтматовду билбөө деги айыптыр»* (Акматалиев). *Ынанымы жоктун адеби жок* (макал).

**ЫНАК** 1. Таза, нак, эч кандай кошундусу жок, нукура өзү. *Ынак кымыз. Ынак сүт.* 2. Мамилелери, пикирлери жакын, бири-бири менен таттуу, дурус. *Суусар аны менен бирге окуган курбусу. Экөө абдан ынак* (Байтемиров). *Сөз жакшысын кулак билет, кыз жакшысын ынак билет* (Жантөшев). 3. Жакын, жакшы көргөн, каалаган. *Ачкылга ынак жан экенсиң. Болсо болор, акын киши ойго ынак, Ошондуктан сансыз ойлор асылат* (Шамшиев). *диал.* Жакын болуу, сиңишүү. *Кайда барбасын, чалга ынагып калганын көрөсүң.*

**ЫНАКТЫК** Жакындык, жакын мамилелүүлүк, бири-бирине ынак мамиледе болуучулук. *Өтө ынактыктын укмуштай күчү биздин көз алдыбызга өзгөчө жаркырай түшкөн эле. Эзилише сүйлөшкөн, Ынактык кыйын баарыдан* (Маликов).

**ЫНАН ына** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫНАНГЫЧ** Ишенчээк, бат эле макул боло койгон.

**ЫНАНДЫР ына** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНАНДЫРУУ ынандыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫНАНТ ынан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНАНЫЧ** Ишенич. *Кандай болбосун оштолордой болуу керек!– деген ынанычка токтоду* (Абдумомунов).

**ЫНАТ ына** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНДОО** Май чыгарыла турган тоголок майда дандары бар, сары гүлдүү, куурайдай болуп бийик өсүүчү өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн даны.

**ЫНДЫ КАРА** Аябай кара, көмүрдөй кара, капкара. *Өз кызматын билсечи, Ынды кара чубалбай* (Токобаев). *Бул кайсы ынды кара дешип, отургандар күбүр-шыбыр боло түштү* («Ала-Тоо»). *Ынды кара болгомун, Самындап жуусаң агарбайм* («Мендирман»).

**ЫНДЫНЫ ӨЧҮҮ** Бир нерседен үмүтү үзүлгөндөй маанайы пас болуп, көңүлү чөгүү, капа болуу, жылдызы түшүү. *Бирок, эч жакка кете албасын, эч жерде эч кимге керети жоктугун, каалагандай жашоону эч жерден таба албасын ойлойт да ындыны өчөт* (Айтматов). *«Кабар барбы?» деген суроосу, жеңесинин ындыны өчкөн кабагынан көңүл отуна кайра суу себилгени дароо сезилип, кайра терс карай жүккө чекесин сүйөй калды* (Касымбеков). *Ичкилик ичпеген анын көзү бул иштин аягы эмне менен бүтөрүнө жетип, ындыны өчтү* (Медетов). *Ындыны өчкөн карыя жалооруй уулуна көз чаптырды* (Стамов). *Ал күмбөздүн ортосунан ындыны өчүп шалдайган Маймуловду көрдү* (Жусупов). *Ыйдан пайда болбосуна көзү жеткен соң, шылкыйып портреттин алдына келип ындыны өчүп отурду* (Стамов). **В.: Ындыны куруу.** *Деги мындан кандай айла менен кутулушат? Башын чайкап, ындыны куруп отурду Токтогул* (Касымбеков). *Ындыны куруп, кыйлага үңкүйүп отуруп калды Акбалбан* («Ала-Тоо»). *Сөзгө катуу сынып, башын жерге салып, Шайыктын ындыны өчө түштү*(«Чалкан»).

**ЫНКЫЛАП** Революция, өзгөрүш, төңкөрүш. 1920-жылдары колдонулган термин. *1917-жылы өктөбүр ынкылабы болду.*

**ЫНСАП** 1. Каниет, топук кылгандык. *Ынсап кылып, тобо деп, Жүргөнүң жок Турумтай* (Тоголок Молдо). 2. Уят, абийир.

**ЫНСАПСЫЗ** Ынсабы жок, уятсыз, адамгерчиликсиз. *Ынсапсыз ыйманына камчы чабат* (макал).

**ЫНСАПТУУ** Ынсабы бар, топуктуу, уяттуу.

**ЫНТА** Кунт, ыклас. *Ынталары менен кызылдарды колдоп жатышат* (Жантөшев).

**ЫНТАЛА** Ичи көпкөндө, көп тойгондо чыдай албай ынтыгуу, энтигүү. *Кымыз ичип ынталап олтурат.*

**ЫНТАЛАТ ынтала** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНТАЛОО ынтала** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫНТАЛУУ** Кунт койгон, бир нерсеге ынтасын койгон. *Ишке ынталуу.*

**ЫНТЫГУУ ынтык II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫНТЫЗАР** Дилгир, талапкер, ынталуу. *Даниярдын обонун угууга ынтызар болуп, чыдамым жетчү эмес. Томояк, болсом тилим бар, Торгойдой сайрар үнүм бар, Укканга элим ынтызар* (Токтогул).

**ЫНТЫК I** 1. Дилгир, ынтызар. *Ынтык болгон Жамиласына өзүнүн Фрунзеге келгендигин билдирбей, ал кантип чыдап тура алат?* (Баялинов). *Көптөн бери ынтык, кумар болгон, сагынышкан жалындуу көздөр экинчи ирет дагы бир-бирине учурашканда, эриксизден экөө тең жылмайышты* («САЖИ»). 2. Ашык, ашыктык, сүйүү, жакшы көрүү.

**ЫНТЫК II** Энтигүү, оор дем алуу, демигүү. *Койлор тим эле ынтыгып калыптыр* (Абдумомунов). *Жутаке семиздигинен ынтыга таноолорун дердеңдетет* (Жантөшев).

**ЫНТЫКТЫР ынтык II** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНТЫМАК** Чыр-чатаксыз, ынтымакташып жүрүүчүлүк, татуулук, бирдиктүүлүк, бир тилектүүлүк. *Эң бир кымбат достук менен ынтымак, Ушул жерден бир дайрага чөмүлөт* (Осмонов). *Айтматовдун идеясы Ынтымак,*

*Туугандарды биригүүгө чакырат* (Акматалиев). *Ынтымак бар жерде ырыс бар* (макал). *Ынтымак болбой иш оңолбойт* (макал).

**ЫНТЫМАК-ЫРАШКЕР ынтымак** менен бирдей.

**ЫНТЫМАКТАШ** Бири-бири менен ынтымактуу мамиледе болуу, татуулашуу.

**ЫНТЫМАКТАШТЫР ынтымакташ** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫНТЫМАКТАШУУ ынтымакташ** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫНТЫМАКТУУ** Ынтымагы бар, чатакташпай, ынтымакташып жүрүшкөн. *Баары бир эненин балдарындай ынтымактуу* (Сыдыкбеков).

**ЫНТЫМАКТУУЛУК** Ынтымактуу, ынтымагы бар болгондук. *Колхоздо ынтымактуулук менен достук кенен орун алып, эмгекке бекем ширелген* («Ала-Тоо»). *Элдердин ынтымактуулугу.*

**ЫҢ: ың-жың** Дайынсыз, белгисиз, эч кабарсыз. *Каныбектер жер алдына кирип кеткендей ың-жың болушту да калды* (Жантөшев).

**ЫҢАА** Жаш баланын ыйлаганы.

**ЫҢААЛА** Ыйлоо. *Ыңаалап ыйлаган баланын үнү угулат.*

**ЫҢГАЙ I** Жагдай, ылайыкташкан шарт. *Балта сөздүн ыңгайын күтүп турган* (Байтемиров). *Иштин ыңгайына жараша дагы ойлонуп акылдашалы* (Жантөшев).

**ЫҢГАЙ II** Грамматикалык категория. *Жай ыңгай, буйрук ыңгай, шарт ыңгай* ж.б.

**ЫҢГАЙЛА** Ыңгайын келтирүү, ылайыктоо, тууралоо.

**ЫҢГАЙЛАН ыңгайла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫҢГАЙЛАНДЫР ыңгайлан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫҢГАЙЛАТ ыңгайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫҢГАЙЛУУ** Ыңгайы келтирилген, ыктуу, ылайыктуу. *Ыңгайлуу жер таап, жайланыша баштадык* (Каралаев). *Жаш кар аңчылык үчүн абдан ыңгайлуу* (Каимов).

**ЫҢГАЙЛУУЛУК** Ыңгайы келгендик, ыктуулук, ылайыктуулук.

**ЫҢГАЙСЫЗ** Ылайыгы жок, ыңгайлашпаган, ыксыз, туура келбеген. *Кызылча ыңгайсыз жерге эгилсе, багуу өтө начар болот. Гүлайым... өтө ыңгайсыз абалга капталды* (Бейшеналиев). *Отурган жерим ыңгайсыз болуп жатат* (Жантөшев).

**ЫҢГАЙСЫЗДАН** Өзүн ыңгайсыз сезүү. *Каныбек андай ой жок болсо да, ал ыңгайсыздана түштү* (Жантөшев).

**ЫҢГЫРА** 1. Күрүлдөө, күңгүрөнүү. *Ач арстандай ыңгырап.* 2. Керилүү, бой көтөрүү, бааланyy.

**ЫҢГЫРАН ыңгыра** этишинин өздүк мамилеси. *Эртең менен келет деп күткөн чоңдор ыңгырана бастырып түштө араң келишти* («Ала-Тоо»).

**ЫҢГЫРАТ ыңгыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫҢГЫРАШ ыңгыра** этишинин кош мамилеси.

**ЫҢГЫРОО ыңгыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫҢКЫ** Аябай жыш чыгуу, калың болуу. *Айылдын жогору жагы ыңкып чыккан беде аянты* («Жаш ленинчи»). *Ыңкыган жоого бет алып, Ылаачындай качырдың* (Барпы).

**ЫҢКЫЙ** Арамзаланып булкуюу, эрдемсинүү. *Жоону сен эле чапкансып, ыңкыясың да тим эле. Койлор ыңкыйып семириптир.*

**ЫҢКЫЛДА** Ыңк этип үн чыгаруу, онтоо.

**ЫҢКЫСТА кыңкыста** менен бирдей.

**ЫҢТАЙ** Ыңгай, шарт. *Иштин ыңтайы. Иштин ыңтайын келтирүү.*

**ЫҢТАЙЛА** Ыңтайын келтирүү, ыңгайлуу шартка туура келтирүү. *Качар жагын бет алып, Ыңтайлап кетип баратат* («Манас»). *Жамат бир жерди ыңтайлап, дүкүйгөн чычырканактын түбүнө бугуп калды* (Элебаев).

**ЫҢТАЙЛАН ыңтайла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫҢТАЙЛАТ ыңтайла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫҢТАЙЛАШ ыңтайла** этишинин кош мамилеси.

**ЫҢТАЙЛОО ыңтайла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫҢТАЙЛУУ** Ыңтайы келген, шарттуу, ылайыктуу, ыңгайлуу. *Бир чөмөлө чөп чаап алар ыңтайлуу жери жок* (Жантөшев). *Ыңтайлуу шарт.*

**ЫҢЫЛДА кыңылда** менен бирдей.

**ЫҢЫЛДАТ ыңылда** этишинин аркылуу мамилеси

**ЫҢЫЛДАШ ыңылда** этишинин кош мамилеси.

**ЫҢЫРЧАГЫ ЫРДАП, КЕРЕГЕСИ КЕРДӨӨ** Абдан кедейленүү, жакырлануу, колго илинер эч нерсеси жок, ач-жылаңач калуу. – *Ыңырчагы ырдап, керегеси кердеп турган шордуунун жалгыз чобурун таштап кеткиле!* (Үмөталиев). *Кечээ күнкү ыңырчагы ырдап, керегеси кердеген кембагалдар бүгүн жыргаган турмушта* («Ала-Тоо»). *Жалгыз жаман төшөк, жерде жаткан сары курмушу, бул үйдүн ыңырчагы ырдап, керегеси кердеп тургандыгын көрсөтүп турат* (Жантөшев).

**ЫҢЫРЧАК** Жүк артууга ылайыкталган, көбүнчө өгүзгө токула турган ээр. *Айылдан өгүз, ыңырчак, аркан чогултту да, арча жүктөп келүүгө тоого жөнөдү* (Бөкөнбаев).

**ЫҢЫРЧАККА МИНГИЗҮҮ** Колдо болгонунун бардыгынан ажыратуу, колдон түшүп, мүңкүрөгөн абалга келтирүү. *Аны алыс жакка мына эми мен айдатам, ыңырчакка мингизем* (Абакиров).

**ЫҢЫРЧАКТУУ** Ыңырчак токулган, ыңырчагы бар. *Ыңырчактуу кара өгүз жанында турат байлануу.*

**ЫПТА I** Каптал, каптал жак. *Бүгүн оң ыптам менен жатыпмын. Боз үйдүн бир жак ыптасы.*

**ЫПТА II** Бириктирүү, умачтоо, тоголоктоо. *Самын ыпта.*

**ЫПТАТ ыпта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫПТОО ыпта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫПЧА эпчи** менен бирдей. *Байбиче ыпчада кымыз чайкайт.*

**ЫПЧА ТОН** 1. Жумшак согулган жеңил кездеменин бир түрү. 2. Ичи иштелбеген, кездемеден тигилген ич кийимдин түрү (халат сыяктуу). *Исинен ыпча тон берди* («Манас» С.К.).

**ЫПЫЙ** 1. Карына кары, четине чети дал келүү. *Тигиштери тим эле ыпыйып калбадыбы* (Сооронбаева). *Тим эле ыпыйып жарашып калбадыбы.* 2. *өт.* Кичинекей, ичке, кырдач. *Ыпыйган мурдун чымчып, колун өөп койду.*

**ЫПЫЙТ ыпый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫПЫЛАС** 1. Булганч, кир. *Аккан сууну даана айт, Ыпыласты тазалайт.* (Барпы). 2. *өт.* Кара ниет, жаман ойлуу, жаман сапаттуу. *Ыпылас адам.*

**ЫПЫЛАСТЫК** 1. Таза эмес, кир, булгангандык. 2. *өт.* Кара ниеттик, кара санатайлык, жаман ойлуулук.

**ЫПЫЛДА** Бат-бат кыймылдоо, шыпылдоо, жып-жып этүү, оозу-оозуна тийбей эпилдеп сүйлөө. *[Уруя] ыпылдап-шыпылдап жаны тынбайт* (Байтемиров). *Колдору менен ооздору ыпылдап аракетке кирди* («Ала-Тоо»).

**ЫПЫЛДАТ ыпылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫПЫЛДАШ ыпылда** этишинин кош мамилеси.

**ЫПЫМ: ыпым жок** Такыр жок, таптакыр жок.

**ЫПЫР: ыпыр-сыпыр** Жаман-жуман нерсе, таштанды, шыпырынды. *Ыпыр-сыпыр короодон Кайда кетип жоголгон* (Үмөталиев). *Акырын жүрүп турган жел бороонго айланып, көчөдөгү ыпыр-сыпырлар чаңга аралаша түштү.*

**ЫПЫРА** Бырыксыган, иретсиз, чачылган, чаңдаган абалда болуу, сапырылып, тартипсиз, булганч болуу. *Үйдүн ичи ыпырап, чаңы асманга чыкты.*

**ЫПЫРАТ ыпыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫПЫРСЫ** Бырыксуу, бытырап чачылып, иретсиз жатуу, ыпыроо.

**ЫПЫРСЫТ ыпырсы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫПЫРЫП-ШЫПЫРЫП** Таптаза кылып, жалап-жуктап, тазалап. *Табактагы этти ыпырып-шыпырып жеп коюшуптур.*

**ЫР** Ритм жана уйкаш аркылуу түзүлгөн поэтикалык чыгарма. *Көрүшүү ырлары. Санатнасыят ырлары. Айтыш ырлары. Чертмегине кыл таккан, Чебер тилди сайратып, Чукугандай ыр тапкан* (Токтогул). *Ыларым жазган өзүң жөнүндөгү, Сезилет сүйкүм, мээрим сенден бетер* (Султаналиев). *Кубанычпы, сүйүнүчпү, ким билет, Бото көздө сүйүү ыры ырдалат* (Акматалиев). *Ыр түрүндөгү чыгарма.*

**ЫР ЖАНДУУ** Ырга жакын, ырчылыгы бар, шайыр. *Кой, ички деми алоолоп, эркиндикти, эл арасын эңсеген ыр жандуу тукумунун убалына калбасын* (Бейшеналиев).

**ЫР ТҮРҮНДӨГҮ РОМАН** *адаб.* Жалпы талаптары эпикалык тектин роман жанрынын принциптерине ылайык келген, ыр формасында жазылган чыгарма.

**ЫР ЧЫНЫ** Отурушта, той-тамашада, сармерден айтышканда бири-бирине ырдап сунуша турган, ичинде ичкилиги бар чыны. *Отургандар сармерден баштап калганда, Жакыптын алдына ыр чыны келди* («Ала-Тоо»). *Ыр чыныны колуна алып Зулай тамагын жасай баштады* (Байтемиров).

**ЫРАА КӨРҮҮ** Бир нерсени бирөөгө кыюу, ылайык деп табуу, ыйгаруу, *Жемишин терип, жыгачын кыйып күн көрсүн деп ыраа көргөн кудай өзү!* (Абдыраманов). *Эгер билсең, сенин өзүңдү да күйөөңө ыраа көрбөй, күнүлөй баштадым, – деди Кумриханга* (Абдукаримов). *Ал эмне үчүн жооп бербейт? Же атын ыраа көрбөйбү* (Каимов). *Анын өзүн мага ыраа көргөн жок* (Сыдыкбеков). *Бузгум келбейт эч качан, Ыраа көрбөйм акмакчылык иштерди* (Сабыров).

**ЫРААЗЫ** Көңүлүнө, оюна туура келгендик, канааттангандык, курсанттык, наараазы болбогондук. *Тартип жөнүндө коюп отурган талаптарына Каныбек абдан ыраазы болду* (Жантөшев). *Көсөл кагылайындын адамгерчилигине ыраазы болдум* (Каимов). *Ыраазы болуп бул буйрукка тирүү жан, мен өзүмчө бир купуя ой кылгам* (Султанов).

**ЫРААЗЫЛЫК** Ыраазы болгондук, алымсынгандык, канааттангандык. *Көңүлүмдө ыраазылык топтолтура, мынчалык бакыт менен кайда батам?!* (Султанов).

**ЫРААК** Аралык, убакыт, мезгил жагынан болгон узактык, алыстык. *Ыраак жол. Дүрбүнүн көздөн курч айнектери ыраак жерде кумурскадай кыбырап жүргөн беш-алты караанды көрсөттү* (Абдукаримов). *Ыраактагы туугандан жакындагы дос өйдө* (макал).

**ЫРААКСУУ ыраксы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРААКСЫ** Өзүн өзү алыстатуу, жакындабоо, ыраактоо.

**ЫРААКСЫН ыраксы** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫРААКСЫНТ ыраксы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРААКСЫНТУУ ыраксы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРААКСЫТ ыраксы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРААКТА** 1. Жакындабоо, алыстоо, ыраак болуу. *Ыраактап кош айтышып кете берди, Чаң жерде ача-буча изи калып* (Шүкүрбеков). *Менин жаткан жеримден, Ыраактабай жакын кел* («Эр Табылды»). 2. Байланышын, мамилесин үзүү, мурдагыдай жакын ымалада болбоо, алыстоо. *Алым бизден акырындап кол үзүп, ыраактай баштады* (Качикеев).

**ЫРААКТАТ ыраакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРААКТАТУУ ыраактат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРААКТАТЫШ ыраактат** этишинин кош мамилеси.

**ЫРААКТОО ыраакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРААКТЫК** Жакын эместик, алыстык, алыс, ыраак болгондук.

**ЫРААКЧЫЛ** Жакын аралыкка анча кызып жүгүрбөй, күлүктүгүн байката албай, алыска мыкты жүгүргөн, ыраакка жакшы чуркаган (күлүк жылкыга карата).

**ЫРААКЫ** Алыскы, ыраак жактагы, ыраактагы. *Ыраакы тоо. Ыраакы жайлоолор. Ыраакы айылдар.*

**ЫРААТ I ыракат** менен бирдей. *Жаш күнүңдүн ыраатын, Жаштыгыңда сүрүп өт* (Токтогул). *Ыраат болор бир күнү, Кордукту сенден көргөнүм* (Барпы). *Баламдан ыраат көрбөдүм, Баш тарттырдым өзүмдү* («Эл адабияты»).

**ЫРААТ II** Тартип, салт, каада. *Ыраат менен жайгаштыруу. Конок күтүү кыргыздын эзелкиден берки ыраат* (Сыдыкбеков).

**ЫРААТТУУ** 1. Ыраат менен, ыраатка салынган, тартиптүү, иреттүү, бир кылка, бир нук менен. *Кыргыз өкмөтү талыкпастан ырааттуу түрдө тынчтыктын саясатын жүргүзүүдө.* 2. **ыракаттуу** менен бирдей. *Жасаган иши ырааттуу, кызматка тың экендиги көрүнөт* («Эркин Тоо»)

**ЫРАБА** Уруксат, макулдук, ылайык, тийиш. *Ырдын башы ыраба, Ырды менден сураба. Ыр жагынан жаккамын, Ыр билбеген баланын Жаагын айра чапкамын* (Эл ырлары). *Китеп билген молдого, Жакшы жүрүш ыраба* (Кылыч).

**ЫРАБАТ** 1. Сооп издеген байлар тогуз жолдун тоомуна салдырган мейманкана, кербен сарай. *Мусапырга жай берген, Бузулбасын ырабат* (Барпы). 2. Чулгап алган жай, сепил кылып салган шаар.

**ЫРАБАТ** Алыскы жолдогу кербен сарай, айылдан чет жерде кербендер, жолоочулар токтой турган жай.

**ЫРАБАЯТ, РИВАЯТ** 1. Айтылмыш, уламыш. 2. Деген сөз, ушундай деген уламыш. *Анан ханга аталык даражасы зарылдыгын тактап, шарияттан бир риваят келтирди.* (Касымбеков). *Дагы бир ырабаятта мындай деп айтылган имиш.*

**ЫРАЖА** Жакшылык, жамандык, тойторопо үчүн бирөөлөрдүн макулдашып алган ынтымагы, эрежеси. *Бу силердин ыражаңар кандай, ошого жараша сүйлөшөлү* (Бобулов).

**ЫРАЙ** Ыраң, түр, түс, өң. *Токтогулдун ырайына да, жакындыгына да карамак эмес* (Токомбаев). *Алым жылуу жүзү, ачык ырайы менен алик алды* (Баялинов). *Кара көз, жылуу ырай, бети толук, Башына оронгон кызыл жоолук* (Шамшиев)

**ЫРАЙЛАШ** Жүз көрүшүү, жүздөшүү. *Ысык-Көл менен ырайлашкандан кийин, жолоочулар шаарды карай басышат* (Убукеев). *Ырайлашып сүйлөшүү.*

**ЫРАЙЛАШТЫР ырайлаш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРАЙЛАШУУ ырайлаш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРАЙЛУУ** Ырайы келишимдүү, өңдүү, сулуу.

**ЫРАЙЫМ** Боорукерлик, ак көңүлдүүлүк, көңүлчөөктүк, бирөөгө кайрымдуу, адамгерчиликтүү мамиле, мээрим. *Гулайымдын өзүнөн башкадан ырайым күтпөйм* (Бейшеналиев). *Биздер жакка сиз жактан, Болор бекен ырайым* («Чалкан»).

**ЫРАЙЫМДУУ** Кайрымдуу, кичи пейил, боорукер. *Салык көздөрүн күлүңдөтүп, эң ырайымдуу кебетеси менен Бакенге карайт* (Каимов). *Ата-энесине ырайымдуу уул.*

**ЫРАЙЫМДУУЛУК** Мээримдүүлүк, кайрымдуулук, боорукердик.

**ЫРАЙЫМСЫЗ** Таш боор, ырайымы жок, каардуу, адамга боору ачыбаган, мээримсиз. *Бирок бул киши мурунтан мага тааныш болсо да, мен үчүн бир ырайымсыз каргашадай сезилди* (Жантөшев). *Ырайымсыз суук нечен жолу Тообайды кайыктырды* (Абдумомунов).

**ЫРАЙЫМСЫЗДЫК** Ырайымы жоктук, кишиге ырайым кылбагандык, таш боордук. *Полицейскийлер ырайымсыздык менен киришкенден кийин эл бытырап таркай баштады* (Абдукаримов). *Наадандык, ырайымсыздык жакшынын баркына жеткирбес* (Сыдыкбеков).

**ЫРАКАТ** Кайгы-капалык жок, бардык жагынан шайма-шай келген жыргалчылык, жанга жагымдуулук. *Салкын жели көңүлдү көтөрүп, мээримдүү ыракатка алып баратат* (Сыдыкбеков). *Дүйнөнүн ыракатын тургузуп, Сан жыргалга сайрандайбыз, канабыз* (Элебаев). *Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш, Кыргызстан ыр калаасы, ыракаттын бешиги* (Осмонов).

**ЫРАКАТТАН** Ыракатка батуу, жыргап кууноо.

**ЫРАКАТТАНТ ыракаттан** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРАКАТТАНУУ ыракаттан** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРАКАТТУУ** Ыракаты бар, жыргалдуу. *Эртеңки ыракаттуу келечекке, Турмуштун дал өзүндөй тунук карап* (Осмонов). *Ах, чиркин, биздин күндөр кандай таттуу, Бүгүндөн эртеңкиси ыракаттуу* (Осмонов). *О, анда бир ыракаттуу кеч эле, Бирге айланып көпкө жүрдүк көчөдө* (Эралиев).

**ЫРАКМАТ** Бирөөгө ыраазылыгын билдирүү, алкыш айтуу үчүн колдонулат. – *Ыракмат, Осмон! Сенин чоң курулуштагы сонун эмгегиң эч качан унутулбайт* (Сасыкбаев).

**ЫРАКМАТИ ыраматылык менен бирдей.** *Агайын, ыракматы Жаманкул кандай киши эле*? (Касымбеков).

**ЫРАКЫМ** 1. Мээрим, ырайым, боор ооруу,

аёо. 2. Уруксат берүү, уруксат кылуу. *Алла таала кудурет, Ыракым кылды жашыңды* («Манас» С.О.).

**ЫРАМ** 1. Кум бетинен төлгө ачуу, дубалоо, бал ачуу, далы көрүү. *Бек, бир аптанын ичинде болор ишти мен ырамсыз билем* (Касымбеков). *Календерим, жылдыз санайсыңбы же ырам ачасыңбы? – деп сурады Ибрахим Хайал* (Касымбеков). *Ошондон кийин алар шакек менен ырам ачканды коюшкан* (Мавлянов).

**ЫРАМАТ** 1. *тар.* Эски убактагы чыгымдын, салыктын бир түрү. *Күнүгө ырамат, күнүгө салык салганбы* (Турусбеков). *Ырамат, чыгым үчүн жалгыз уюбуздан өйдө саттык* (Элебаев). 2. Гүл ала турган өсүмдүктүн аты.

**ЫРАМАТЫЛЫК** Маркум. *Ороз ыраматылык март адам эле* (Каралаев). *Ыраматылык Абыш, кең пейил, кайырымдуу сонун киши эле.*

**ЫРАҢ I** 1. Түс, өң, ырай, түр. *Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз* (Эралиев). *Ыраңы суук. Жаңы тиккен жапжашыл дарактар, гүлдөр ыраңына кирип көйкөлөт* (Сасыкбаев). 2. Жайкалып, көгөрүп турган көк шибер, көк чөп. *Бетегеси ыраңы, Кой жүрүүчү жер экен* (Арстанбек). *Жазгы чыккан ыраңга, Сызылып соккон жел кызык* (Осмонкул). *Жайындагы көгөргөн ыраң, ыргалган гүлдөр жок* (Жантөшев).

**ЫРАҢ II** 1. *диал.* Бир түр, бир кыл. *Алайдан келген адамдардын тили бир ыраң эле.* 2. *диал.* Эптеп-септеп. *Ыраң-бараң эле эшик кыла койдук.*

**ЫРАНДА** *диал.* 1. Сүргүч, жыгач сүргүч, копшогуч курал. 2. Кескич. *Ыраңда орок.*

**ЫРАНДУУ** 1. Ыраң чөптүү. *Жазында сени куба кой, Ыраңдуу жерге токтоттум* (Тоголок Молдо): 2. Өңдүү, келбеттүү, жакшынакай. Базардан салтанатка киерге ырандуу эч нерсе таппадым. *Түгөнгөндөй ойдун таза, асылы, элестердин ыраңдуусу, жашылы* (Мамытов).

**ЫРАПЫРТ** *туурасы:* **рапорт**. *Ырапырт районго бермек болуп, Көпчүлүк канторунда карап турду* («Эл адабияты»).

**ЫРАПЫС** Жол-жолу бар тыгыз согулган кездеме. *Көк ырапыс тон кийген, Көк жал Чубак эренге айт* («Манас»). *Көк ала сындуу ат минген, Көк ырапыс тон кийген* («Семетей»).

**ЫРАС** 1. Чын, туура, анык. *Уят өлүмдөн катуу деген ырас, балдар* (Токомбаев). *Ырас кеп. Кептин ырасы ушундайча болуп чыкты.* 2. Жакшы, сонун. *Силерди көптөн күтүп жүрдүк эле, ырас болбодубу* (Жантөшев). *Ырас, иним, жакшы аял – ордолуу шаар, Бирдей эмес бирок да бардык аял* (Токтогулов).

**ЫРАС БОЛУПТУР** Чала болуптур, сооп болуптур, ошондой болмок деген сыяктуу табалоо маанисинде колдонулат. *Айткан тилди албай, оюндагыны бербей кеттиң эле, ырас болуптур, ошону көрмөксүң* («Кыргызстан маданияты»).

**ЫРАСМИ** Адат, салт, каада. *Инисинин зайыбын, Агасы тартып алмагы, Илгертен жок иш – ырасми* («Саринжи-Бөкөй»). *Ата-бабанын ырасми.*

**ЫРАСПА, РАСБА** 1. Маскара, шерменде болуу, абийири ачылуу. *Жеген-ичкени ачылып, эл алдында ыраспасы чыкты.* 2. *өт.* Булгануу, ыпылас болуу. *Чапаным көө болуп, бүтүндөй ыраспасы чыкты.*

**ЫРАСТА** 1. Ырас, туура экендигин бекемдөө, аныктоо. *Алгачкы натыйжа багытыбыздын туура экендигин ырастады.* 2. Жакшылап эбине келтирүү, ондоо, жөнгө салуу. *Ырастап жүгүн арттырды, Бышыктап аркан тарттырды* («Эр Төштүк»).

**ЫРАСТАЛ ыраста** этишинин туюк мамилеси.

**ЫРАСТАТ ыраста** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРАСТАШ ыраста** этишинин кош мамилеси.

**ЫРАСТОО ыраста** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРАШКЕР** Ынтымак, татуулук. *Үй-бүлөнүн ынтымак ырашкерин бузуп, мас болуп, тынчты кетирген азаматтар жок эмес.*

**ЫРБА** 1. Күчөп кетүү (ооруга, көбүнчө жарага, шишикке карата). *Ок тийген буту ырбады, Табылды атка жүрбөдү* («Эр Табылды»). *Адыл жараты ырбап, бети шишип, катуу забыр тартат* (Сыдыкбеков). 2. Ого бетер күч алуу, белгилүү болуу, жайылуу, күчөө. *Бул ушак ырбагандан ырбай берди. Матвеевич талаш-тартыштын ырбашына жол бербеди* (Бейшеналиев).

**ЫРБААК** Оңой менен бүтпөй, ырбап кеткен, айыкпай эле ырбай берген. *Этиңиз эң эле ырбаак экен. Көмүп салбай ушак менен айыңга, Менин ырбаак жүрөгүмдү аягын* (Мамазаирова).

**ЫРБАЙ** Арык, араң жан болуп көрүнүү, сөлдүрөө. *Мурдагы ырбайган араң жан Жусуп жок* (Абдумомунов).

**ЫРБАЙЫШ** Иш ийгиликтүү болсун, табигат кубат берсин. *Ишиңе берсин ыр-байыш, Уруксат кете бер деди* («Эл адабияты»).

**ЫРБАНДА** Акырын кыймылдай берүү, сөлбүрөп кыймылдай берүү.

**ЫРБАТ ырба** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРБАТУУ ырбат** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРБАТЫШ ырбат** этишинин кош мамилеси.

**ЫРБОО ырба** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРБЫГЫЙ** Арык, араң жан, сөлдүрөгөн.

**ЫРБЫЙ** Арык, араң жан болуп көрүнүү, арыктоо. *Мурдагы ырбыйган араң жан Жусуп жок* (Абдумомунов).

**ЫРБЫЙТ ырбый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРБЫЮУ ырбый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРГА** 1. Чайпоо, ары-бери термелтип, элеп ыкшоо (мис, электи, калбырды). *Калбырга салып ырга. 2.* Ыргалган, термелген абалга келтирүү, теңселтип кыймылдатуу. *Соккон желге карт карагайлар башын ыргап күүлдөгөн болот* (Жантөшев). *Шиберди ыксыз ыргап жел, Туракcыз желди кылба бел* (Турусбеков).

**ЫРГАЙ** Жыттуу гүл ачуучу, сөңгөгү катуу бадал өсүмдүгү. *Кара ыргай чыгып, ташка өс-*

*көн* («Манас» С.О.). *Ыргай сабоо. Ыргай отун.*

**ЫРГАЙЛУУ** Ыргайы көп, ыргайы жыш, калың өскөн. *Ыргайлуу бет. Ыргайлуу капчыгай. Ыргайлуу төр.*

**ЫРГАК** 1. Добуштун, үндүн бир темптеги термелүүсү, толкуну. *Назик ыргак бирде бийик, бирде пас* («Ала-Тоо»). *Саал дирилдеп чыккан үнү ар бир пионерге так жетти, үлбүрөк жибектей ыргагы жумшак угулду* (Сыдыкбеков). 2. Ырдын, күүнүн ж.б. ритми. *Ырында эл ырларынын элпек ыргагы, назик мелодиясы бар* («Ала-Тоо»). 3. *адаб.* Кандайдыр иш-аракеттин белгилүү бирдей убакытта кайра-кайра кайталанып турушу.

**ЫРГАКТУУ** Ыргагы бар, кулакка жагымдуу, назик, мелодиялуу. *Айганыштын үнү баарынан ыргактуу.*

**ЫРГАЛ ырга** этишинин туюк мамилеси.

**ЫРГАЛТ ыргал** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРГАЛУУ ыргал** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРГАЛЫШ ыргал** этишинин кош мамилеси.

**ЫРГАШ ырга** этишинин кош мамилеси.

**ЫРГУУ ыргы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРГЫ** 1. Аттоо, бир нерсеге чыгуу же түшүү, тура калуу үчүн секирүү, секирип кетүү. *Арышка арыш. уланып, Кийиктей ыргыйт суналып* (Токомбаев). *Татыбек ыргып туруп, чырак жакты* (Байтемиров). *Капитан үзөңгүсүн теппей туруп көк кашкадан ыргып түштү* (Жантөшев). *Дубалга ыргып чыга калды.* 2. Түртүлүү, шарт бөлүнүү, атып кетүү, учуп түшүү. *Каракер таптак түйүлгөндө, үстүндөгү киши ыргып кетүүгө аз калды* (Сыдыкбеков). *Туурадан ыргып майда таш, Бута атым кетет чыркырап* (Токомбаев). *Кайгысын айтсам өткөндүн, Булактай көздөн жаш ыргыйт* (Бөкөнбаев). *Колунан кетмени ыргып, бутуна тийди* (Байтемиров). *Көмөч ысык. Оф! Фу! Кантем, калакай! Коломтого топтой ыргып малакай* (Кожомбердиев).

**ЫРГЫЛЖЫҢ** Чечкиндүү эмес, олку-солку, бир жаңсыл эмес, аныкталбаган. *Ыргылжың иш. Салык ат үстүндө ыргылжың болуп туруп калды* (Каимов).

**ЫРГЫП КЕТҮҮ** Кызматтан бошоо, түшүп калуу. *Темиркан зоотехникке орношкону да бат, ыргып кеткени да бат, азырынча өз ордун таба элек* («Чалкан»).

**ЫРГЫТ** 1. **ыргы** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Керексиз, пайдасыз нерсе катарында таштап салуу, таштап атуу.

**ЫРГЫТКАН СӨӨК БАШЫНА ТИЙБЕГЕН** Жүдөгөн, азып-тозгон, начарлаган, колунан эч нерсе келбей сандалган, тентиреп күн көргөн. *Каныбектин ким экенин билбейсиңерби? Ал баягы эле ыргыткан сөөк башына тийбеген кул деп жүрөсүңөрбү?* (Жантөшев). **В.: Ыргыткан куу сөөк башына тийбеген.** *Ыргыткан куу сөөк башына тийбеген бир бечара экен, жайына кой* («Чалкан»).

**ЫРГЫТКАН ТАШЫ ӨРГӨ КУЛОО** Иши оңолуу, арааны жүрүү, ийгиликтин үстүндө боло берүү, иши илгери болуу. *Дүр мырзанын «чу» дегенде эле ыргыткан ташы өргө кулап, эки тизгин бир чылбырды биротоло колуна алды* (Бейшеналиев). *Учурунда анын ыргыткан ташы улам өргө кулап турган* (Сыдыкбеков). **В.: Ыргыткан ташы өйдө кулоо.** *Азыр улам кызматтан кызматка көтөрүлүп, ыргыткан ташы өйдө кулап турган кези.* **Ыргыткан ташы алыс түшүү.** *Анын колунда бар, ыргыткан ташы алыс түшөт* (Байтемиров).

**ЫРГЫТУУ ыргыт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРГЫТЫЛ ыргыт** этишинин туюк мамилеси.

**ЫРГЫТЫШ ыргыт** этишинин кош мамилеси.

**ЫРГЫШТА** 1. Башын силкилдетип, атырылып ойноктоо, ойдолоо, ыкчам кызыган жүрүштө болуу. *Ыргыштаган Тайбуурул, Каргып барып тик түшөт, Казандай болгон таштарга каршы-терши Жик түшөт* («Семетей»), *Астындагы бууданы атырылып ыргыштап* («Семетей»). 2. Чогоолдонуп бой бербөө, жолотпоо, жаратпоо (адамдын мүнөзүнө карата). *Ыргыштаган Гавриловду сөзгө камаган Даша табасы кангандай кете берди* (Сасыкбаев). *Анча-мынча дагы сөз айтып көрсөм, кыз андан бетер ыргыштап баратат* («Ала-Тоо»).

**ЫРГЫШТАТ ыргышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРГЫШТАШ ыргышта** этишинин кош мамилеси.

**ЫРГЫШТОО ыргышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРДА** Ырды үн кошуп аткаруу. *Ыраактан ырдап келе жаткан кыз-келиндердин үнү* (Турусбеков). *Жаш балдар атын жаттап ырдап жүрөт, Эстешет кызыл туулар башын ийип* (Үмөталиев).

**ЫРДАЛ ырда** этишинин туюк мамилеси.

**ЫРДАТ ырда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРДАТЫШ ырдат** этишинин кош мамилеси.

**ЫРДАШ ырда** этишинин кош мамилеси.

**ЫРДОО ырда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРЖАЙ** Ырсаюу, ырсандап тишин көрсөтүп күлүү. *Чормон аны ого бетер жээликтирүү үчүн ыржайып күлүп койду* (Каимов). *Атамдын оозу ыржайып, ээгиндеги суюк сакалы эрбеңдеп, бир нерсеге макул дегендей башы секеңдеди* (Жантөшев).

**ЫРЖАЙТ ыржай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРЖАЙТЫШ ыржайт** этишинин кош мамилеси.

**ЫРЖАК** Тууранды сөз.

**ЫРЖАК-ЫРЖАК** Дайынсыз эле күлө берүү, ырсактоо. *Ыржак-ыржак этип күлгөнүңөрдү токтоткула.*

**ЫРЖАКЕ** Ыржактай берген киши.

**ЫРЖАКТА** Мааниси жок сөздөрдү сүйлөп дайынсыз күлө берүү, ырсактоо, ыржаландоо. *Оюндун же күлкүнүн жөнүн билбей, Кетирип иштин даамын, кур ыржактап* (Элебаев). *Ыржактайсың жөнү жок, Соо кишини жадатып* (Шүкүрбеков).

**ЫРЖАЛАКТА ыржакта** менен бирдей.

**ЫРЖАЛАНДА ыржакта** менен бирдей. *Ыгы жок ыржалаңдай берсем, менде эмне деген авторитет калат* («Чалкан»).

**ЫРЖАҢ ыржак** менен бирдей.

**ЫРЖАНДА ыржакта** менен бирдей. *Алтын тиш салдырганча сумсайып жүрөт, Алтын тиш салдыргандан кийин ыржаңдап эле күлөт* («Чалкан»).

**ЫРЖЫЙ** Ыржаюу, ырсаюу. *[Кайыптын] шалпык эрди ыржыят* (Сыдыкбеков). *[Жигит] Турарды шылдыңдагандай ыржыйып күлдү* (Каимов).

**ЫРК** Бири-бири менен ынтымактуулук, чырчатагы жок, ынтымактуу мамиле. *Ынтымак жакшы – ырк жакшы, Ынтымактуу журт жакшы* (Токтогул). *Кудун болсо көпчүлүктүн ыркы менен жүрө берген момун бала* (Каимов).

**ЫРКСЫЗ** Ыркы жок, чыр-чатактуу, тынчы жок. *Ырксыз болсоң баарыдан кур каласың, Оозуңдан ырысыңды алдырасың* (Борбугулов).

**ЫРКЫРА** 1. Каап алчудай, тиш салчудай болуп тиштерин ыржайтып ырылдоо. *Дөбөт карышкыр тишин көрсөтүп ыркырап койду* (Токомбаев). *Ит жаткан жеринен баш көтөрбөй ыркырап койду* (Байтемиров). 2. Арылдап согуу, арылдап катуу жүрүү (шамалга карата). *Бет алдынан ыркырап желаргы согуп, бетиколун тоңдурат* (Баялинов). *Адырдын муздак жели ыркырап тургандыктанбы, Андрейдин көзүнүн шоросу акты* (Сасыкбаев).

**ЫРКЫРАТ ыркыра** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРКЫРАШ** Бири-бири менен ажылдашып айтышуу, керишүү, жаман-жакшы айтышып урушуу, чырлашуу. *Ыркырашпа тирүүңдө, Ырыс алды ынтымак* (Токтогул).

**ЫРКЫРАШТЫР ыркыраш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРКЫРАШУУ ыркыраш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРКЫРОО ыркыра** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРМАЯ-ЧЫРМАЯ** Эптеп-септеп, арандан зорго. *Ырмая-чырмая жүрүп, аны бүтүрүшкөн окшойт.*

**ЫРОО** Белек, сыйлык. *Сакал, мурут кыроолондуң! Сен эсепчи – айгагым. Сен эмгегим ыроо болдуң, Гүлдөп жетти аймагым* (Токомбаев).

**ЫРООЛО** Бир нерсени бирөөгө ыроо кылуу, белек кылып берүү. *Алдына ат тартпасам да, көйнөк-көнчөк ыроолой турган жөнүм бар эле* («Ала-Тоо»).

**ЫРООЧУ** Ырчы, нускоочу, байыркы айтылган түрү. *– А бу жигит өз балаңыз, датка эне... өзү айтар, ыроочу Токтогул* (Касымбеков).

**ЫРП** 1. Ал, кубат. *Бүткөн боюм талмоорсуп, ырпым куруп, ыпым дарманым жок* (Даникеев). *Кечке кызынын терген пахтасын ташып аябай чарчаганга ырпы куруп, бүткөн бою уюйт* (Байтемиров). Кыймылдаарга ырпым жок. 2. Тууранды сөз: **ырп эт.** *Жанатан аркытерки чуркап жүрүп, аябай күйүгүп, ырп этерге алы жок* (Исмаилов). *Жалгыз жатат Табылды, Ырп этерге алы жок* («Эр Табылды»).

**ЫРСААЛЫ** 1. *эск.* Китеп, китепче. 2. Чыгарма, жол-жобо жазылган китеп. *Бардыгы тең окшош кийинген, оң жаккы колтуктарында бирден «ырсаалы» китеби бар* (Жантөшев).

**ЫРСАЙ** Ыржаюу, тишин көрсөтүп күлүү. *Табылдыдан уялып, Ырсайып абаң күлдү эми* («Эр Табылды»). *Чоң үйдөгү күлсө, кичи үйдөгү ырсаят* (макал). *Мен да өзүмчө ырсайып койдум* («Ала-Тоо»).

**ЫРСАЙТ ырсай** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРСАКЕ** Дайыны жок эле ырсактоо. Ырсаландай берген неме.

**ЫРСАКТА** Тишин көрсөтүп ыржактап күлүү. *Кечке жуук челек бошоп калган кезде, Көбөйдү шылдыңчылар ырсактаган* (Турусбеков). *Түлкү жүрөт ырсактап, Төөнү кошо жулмалап* (Токомбаев). *Инилер сүйгөн кызга эми, Ырсактап турсам жарашпас* (Сарногоев).

**ЫРСАКТАТ ырсакта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРСАКТАШ ырсакта** этишинин кош мамилеси.

**ЫРСАКТОО ырсакта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРСАЛАКТА ырсакта** менен бирдей.

**ЫРСАЛАҢ ырсаке** менен бирдей.

**ЫРСАНДА ырсакта** менен бирдей. *Мергенчи өзүнөн-өзү ырсаңдап күлдү* (Сасыкбаев). *Ырсаңдап күлүп калышып, Кызуулашкан кырк баатыр, Катар орун алыптыр* («Манас»).

**ЫРСАЮУ ырсай** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРСЫЙ** Оозу болор-болбос ачылып күлүү, күлүмсүрөп ыржаюу.

**ЫРСЫЙТ ырсый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРСЫЙЫШ ырсый** этишинин кош мамилеси.

**ЫРСЫЮУ ырсый** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРЧЫ** 1. Ырдай билген, ыр аткаруучу, жамакчы; ырдоочу артист. *Айылга ырчылар келди деген кабар тез тарады.* 2. Ыр чыгарган, ыр жазган акын. Төкмө ырчы, жамакчы ырчы. *Сынчынын сынчылыгы ачык болсо, Ал киши өзүңөрдөй жазгыч ырчы* (Токомбаев). *Эй, ырчы дос, Эмгекти кош, Сүйкүм үндү аябагын, айдагын* (Үмөталиев). *Ырчынын тилинде мурчу болбосо, сөзүнүн курчу болбойт* (макал).

**ЫРЧЫЛЫК** Ыр чыгаруу, ыр жазуу, ырдоо өнөр, адистик кылгандык. *Ырчылык өнөр.*

**ЫРШАТ** Жолдомо, ак жолго салуу. Токтогулдун чыгармасындагы эшен тарабынан со-

пусуна берилген «хат иршад» деген сөздөр – «кадыр шарт» болуп, таптакыр тыбыштык составы өзгөрүлүп калган. *Ал ачык көйнөк, ак селде, Эшендин ыйлайт кебине. Колуна берип кадыр шарт, Эшени сопу кылгандын, Ошентип келдеси келбейт эбине* (Токтогул).

**ЫРЫ ТҮГӨНҮҮ** Соодасы бүтүү, иши начарлоо, колунан эч нерсе келбей, мурдагысындай болбой начар абалга келүү. *Баягынын бири жок, анын ыры түгөнгөн кези. Далай жерде, далай кызматтын башында иштеп жүрүп, ал ыры түгөнгөн кезде айылга келди* («Чалкан»). *Жигит бирде төө минсе, бирде жөө жүрөт деген ушу да, Беке, Беке болгон Бектурдун эми ыры түгөнүп, үйүнөн чыкпай отурганын уктум* («Жаңы Ордо»). **В.: Ыры ырдалып бүтүү.** *Ыры ырдалып бүткөнү менен адам эсептешпейт турбайбы* (Борбуев).

**ЫРЫЛДА ыркыра** менен бирдей.

**ЫРЫЛДАТ ырылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРЫЛДАШ ырылда** этишинин кош мамилеси.

**ЫРЫЛДОО ырылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРЫМ** 1. Үмүт, тилек үчүн иштелген элдик ишенимдин ар кандай белгилери. *Мен жеген боорсоктун теңин сиз жеп коюңузчу. Бул бир ырым, сизге сактаткан аманатым* (Сыдыкбеков). *Кыргыздын кылган ырымын, Кылалык да кичине* («Семетей»). 2. Дарым, дарымдоо жолдору, эм. *Ырымын кылып, ысырыктап коёюнчу, – деди Алима* (Абдукаримов). *Суунун ийрими жаман, карынын ырымы жаман* (макал).

**ЫРЫМ-ДАРЫМ ЫРЛАРЫ** *адаб.* Элдин айрым мифологиялык жана диний көз караштарына ылайык чыгарылган ырлар.

**ЫРЫМ-ЖЫРЫМ** Ар кандай салт, ишеним, үрп-адат. *Салтыңар боюнча ырым-жырымын өткөрө берип, бүт чарбачылыгынан ажыраттыңар* (Убукеев).

**ЫРЫМДА** 1. Ырым кылуу, ырым болууга ылайыкталган иштерди жасоо, ага ишенич кылуу, үмүттөнүү. *Какылдак жадаса ушул боорсогун да ырымдап бышырган* (Сыдыкбеков). 2. Эмдөө, дубалоо. *Катыны тууса ырымы, Устара кылган камыштан, Киндигин кесип ырымдап, Тукуму шибээ дээр экен* («Манас»). 3. *өт.* Жетиштире, марыта бербесе да, эптеп куру калтырбоонун амалын кылуу, кичинеден жетиштирген болуу, эптеп ырым кылып коюу. *Жакын санагандарына чыныга салып, кайсы бирөөлөрүнө кургак талкандан жөн эле колу менен уучтап берип ырымдады* (Убукеев).

**ЫРЫМДАТ ырымда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫРЫМДОО ырымда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫРЫМДУУ** Ырымы бар, ырым-жырымды сактаган.

**ЫРЫМЧЫ** Ырым кылган, ырымга ишенген киши. *Ырымчылар өлсөңөр, Караңгы көргө сыйбайсың* (Токтогул). *Биз ырымчы болбосок да, биринчи октун куру кетпегенине абдан кубандык* (Каимов).

**ЫРЫМЧЫЛ** Ырымга ишенген, ырымдаганды жакшы көргөн. *Калканбай тилдеп коё берди. – Ырымчылын көр. Балдар аныңа баш ийбейт* (Бейшеналиев).

**ЫРЫҢ: ырың-жырың** Ыркы келбегендик, пикир келишпөөчүлүк. *Музыканттар күтүштү карап үчөөнү, Ырың-жырың болуша баштады эми* (Борбугулов).

**ЫРЫС** Бакты-таалай, насип. *Ырысың бар экен, Соня* (Сасыкбаев). *Көйкөлгөн ырыс кени жерим үчүн, Жаш баладай таалайлуу элим үчүн* (Турусбеков).

**ЫРЫС КЕСЕР** Кесирдүү, колунан эч нерсе келбесе да анча-мынчаны теңине албай, жактыра бербей ыргыштаган, ырысын тепкен. *Тоо арасында сандалган ырыс кесер, кесирдүү Самсалы көл башындагыларга зорго жеткен экен* (Осмоналиев). *– Күн чыгып кетмек болду, о-о ырыс кесерлер* (Акматов). **В.: Ырыс кыркар.** *– Ырыс кыркар! – дедим Адылды ичимден жектеп* (Бердикеев).

**ЫРЫСКА ШЕРИК** Ак жолтой, жолу жакшы, кең пейил, асыл мүнөздүү. *– Ырыска шерик, жаныбарым* (Осмоналиев). *Сайкал өңдүү, түстүү, ырыска шерик, ургаачынын жабылуу кара иңгени* (Сыдыкбеков).

**ЫРЫСКЫ** Ичип-жээр, оокат кылаар тиричилик насиби, энчи, дөөлөт. *Кетпес дөөлөт, ырыскы, Кирген элди карачы* (Токтогул). *Ырыскынын каймагы, Ысык-Көлдө турбайбы!* (Байзаков).

**ЫРЫСКЫСЫ ТҮНДҮКТӨН КУЮЛУУ** Иши оңолуп, болуп-толуп туруу. *Ошол ырыскысы түндүктөн куюлуп турган мезгил болучу* (Бердикеев).

**ЫРЫСКЫСЫЗ** Ырыскысы жоктук, насипсиз, энчисиз, таалайсыз. *Ырыскысыз киши болбойт* (макал).

**ЫРЫСТУУ** Ырысы бар, насиби бар, таалайлуу, бактылуу. *Кандай ырыстуу түгөй* (Ашубаев). *Барган сайын узарат, Ырыстуу жаштар кадамың* (Токтогул). *Ырыстуунун аты күлүк, кызы сулуу чыгат* (макал).

**ЫРЫСЫ ТАЙКЫ** Бактысыз, таалайсыз, багы ачылбаган, турмуштан анча жолу болбогон. *Ырысы тайкы шордуура экинчи жолу да күйөөдөн кудай айтпаптыр.*

**ЫРЫСЫ ТООДОЙ** Бактылуу, таалайлуу, иши оңунан чыккан. *Иншалла, ырысыбыз тоодой экен. Тилегиме жеттим* (Бейшеналиев).

**ЫРЫСЫҢ КАТКЫР** 1. Жакшылык көрбөгүр, көгөрбөгүр деген мааниде тилдөө, жемелөө иретинде колдонулат. *– О-о! Үлдүрөгөн ырысың каткыр, сен кимсиң ыя? Үлдүрөбөй тың бол дебедим беле?* («Ала-Тоо»). 2. Бактысыз, байкуш деген сыяктуу аёо, боор ооруу, жаны ачуу маанисинде колдонулат. *– О... сербейген ырысың каткыр. Түйтөйгөн шордуу ай... Кой, ыйлаба!* (Сыдыкбеков). **В.: Ырысы кыркылуу.** *Ырысың бүт кыркылып, Тилегиңе жетпегин* («Мендирман»).

**ЫРЫСЫН КЫРКУУ** Багын байлоо, жолуна бөгөт болуу, келечегине жолтоо болуу. *Казактын кедейлиги Батийнанын ырысын кыркып отурат* (Сыдыкбеков). *Кургакчылык кедей-дыйкандардын ырысын кыркты* (Абдукаримов).

**ЫРЫСЫН ТЕБҮҮ** Көпкөлөн тартып, абдан орунсуз иш кылуу, кесир чайкоо. *Ээ ырысыңды тепкен сен да кишисиңби?* («Кыргызстан маданияты»). *Ырысын тепкен кемпирге падышалык аздык кылып, алтын балыктын өзү керек болду* («Жомоктор»).

**ЫРЫСЫНА БАЛТА ЧАБУУ** *к.* **тамырына балта чабуу.**

**ЫРЫСЫНА ЧЫЧУУ** Убалына калуу, жаман абалга, кырсыкка дуушар кылуу. *Сен бул кылыгыңды койбосоң, балдардын ырысына чычасың деп катуу жемеледи* («Ала-Тоо»).

**ЫРЫСЫҢДЫ ЖЕБЕ** Калп айтпа, болбогон сөздү сүйлөбө, алдаба деген сыяктуу жемелөө, жекирүү маанисинде колдонулат. *Ырысыңды жебей жөн жүр.* **В.: Ырысыңды жегир!** *Ырысыңды жегир, кудайды карап калп айтсаң боло!*

**ЫС-МЫСКА КЕЛБӨӨ** Кепке, сөзгө келбей, шашып калуу, өтө тез, эч токтоосуз кыймылда болуп шаштысы кете түшүү. *Ыс-мыска келбей кирип барып папкасын сунду* (Кыдырмышев). *Кемпир карындагы майды алды да ыс-мыска келбей оозун ача баштады* (Байтемиров). *Ыс-мысына келтирбей, Айдап алып жөнөдү* («Мендирман»).

**ЫСАП ынсап** менен бирдей.

**ЫСАР** 1. Мурунку заманда түрк-монгол бектеринин, уруу башчыларынын турган жайы, мыкты сепили болгон. *Аягы чыгып Алайдан, Ысар тоого өткөнү. Ырысы кеткен Шооруk кан, Манасты билбей көпкөнү* («Манас»). Ысарга барчудай жасануу (лакап).

**ЫСКАТ** 1. Эски, чалдыбары чыккан буюм (негизги маани). 2. *дин.* Өлгөн адамдын буюмун, кийимин бирөөгө атап берүү. *Калпагың менен бир мейиз, уул ай, Ыскатыңа коюлсун, уул ай* (Эл ырлары). *Ыскатына ат токуп, Чоң үйүнө тул салып* («Эл адабияты»).

**ЫСКАТЫҢА КОЮЛГУР** Аяган, бербеген буюмундун убайын көрбөй кал деген сыяктуу каргоо маанисинде айтылат. *Аяганың ошо болсо, ыскатыңа коюлсун, – деген сөз Алыбекке катуу тийди* («Ала-Тоо»). *Ыскатыңа коюлгурдун малы.*

**ЫСМАЙЫЛ** 1. Пайгамбардын аты, бул – Ибрахим пайгамбардын уулу.

**ЫСМАЛАК** Тамыры жешке жарай турган өсүмдүктүн аты. *Эненин ою, көздөгөнү башка, кара жерден жей турган «ысмалак» деп аталган майда жалбырактуу чөп издейт. Эсен аны менен иши жок* (Касымбеков).

**ЫСТАРЧЫН** *тар.* Старшина, эски убакта элүү түтүндөн эки жүз түтүнгө чейин башкарган адам. *Ыстарчындар ыпылас, Эшенге кылба ыкылас. Сураганын бербесең, Өмүрүнчө сага кас* (Токтогул).

**ЫСТЫКФАР** *дин.* Кылган күнөөсү үчүн кечирим сурап, Кудайга жалынуу. *Жаканы мууна кармап, кудайдан ыстыкфар сурап, «астагфирулла!» деп, молдонун алдында Кудайга жалынды.*

**ЫСУУ ысы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫСЫ** 1. Ысык болуу, ысыктык температурасы көтөрүлүү. *Бүгүн күн укмуштуу ысыды* (Жантөшев). *Суу ысыды. Ысыган тамак.* 2. *өт.* Ооруп калуу, бир жери ооруп температурасы көтөрүлүү. *Кокус чекеси ысып, башым деп калса, үйрүлүп үстүнө түшөмүн* (Сыдыкбеков).

**ЫСЫГЫНА КҮЙҮП, СУУГУНА ТОҢУУ** Турмуштун бардык кыйынчылыгын, оорчулугун, азап-тозогун көтөрүү, ошого чыдоо. *Мына ушул заводдо беш жылдан бери ысыгына күйүп, суугуна тоңуп тынымсыз эмгектенип келе жатам* («Кыргызстан маданияты»). *Ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп окуган* (Бердикеев). *Аны эл менен элче, дыйкан менен дыйканча жашап, ысыгына күйүп, суугуна тоңуп акыл, тажрыйба тизгинин кош колдоп кармагандар гана түшүнөт* (Эралиев).

**ЫСЫК** 1. Ысыган, ысуу аркылуу жогорку температурага жеткен. *Кыштын күнү кара бороон, жайдын күнү адам чыдагыс ысык болот* (Бөкөнбаев). *Сүйүү мени кете жазды эритип, Өзүмө өзүм оттон ысык сезилдим* (Султанов). *Ысык суу. Ысык тамак. Ысык нан.* 2.*өт.* Жаңы бышырылган, сууй элек, ыкчам тамак, оокат. *Күндө бир убак ысык ууртабасам, бүткөн боюм курушуп туруп алат* (Элебаев). 3. *өт.* Бири-бирин сүйгөн, жакшы көргөн, жакын, ынак. *Ала-Тоо күндө көрсөң күндө кызык, Көзүңө бүгүнкү күндөн эртең ысык* (Шүкүрбеков). *Бул тилектештик, курбулук ысык мамиле* (Каимов). *Тээ алыска жылт-жылт жанган көп тамдар, Эң бир ысык касиети бар сагынтар* (Осмонов). *Жанымдай ысык көрүнөт, Жүрөккө жакын жаткандай* (Токомбаев).

**ЫСЫК БОТКОДОЙ ЖАБЫШУУ** Акидей асылуу, жанын койбой асылып алуу, тынчтык бербөө, сураганын албай тынбоо. *Сен ысык боткодой жабышпачы кишиге* («Ала-Тоо»). *Жабышканда да ысык боткодой жабышабыз* (Жантөшев).

**ЫСЫК-СУУГУ ЖОК** Тиешеси жок, пайдасыны тийбей турган кайдигер бир нерсе. *Бу деген сиз менен бизге түк ысык-суугу жок бир байдын кызы* (Саатов). – *Апей, катыгүн? Зайыбын алган эри төркүлөтөт. Же мунун ысык-суугу жокпу сага?* (Сыдыкбеков). **В.: Ысык да эмес, суук да эмес.** *Апа буйругун уулу укмаксан: – Баары бир. Баягы Нурбай коногун кууду дешер көп болсо, ал мага ысык да эмес, суук да эмес* (Осмоналиев).

**ЫСЫК-СУУККА БЫШКАН** Турмуштун ар кандай шарттарына көнүп, кадик болгон, бышыккан, такшалган, дасыккан. *Асылкан эмгектин ысык-суугуна бышкан жогорку түшүмдүн устаты* («Кыргызстан аялдары»).

**ЫСЫК ЭЛЕ ЖАНЫ БАР** Абдан бош, аранжан, жүүнү бош, илээнди, шалакы. *Жигит өзү*

*мыкты болгон менен, келинчеги ысык эле жаны бар неме экен* («Ленинчил жаш»).

**ЫСЫККА КҮЙҮҮ, СУУККА ТОҢУУ** Турмуштун оорчулугун, кыйынчылыгын көтөрүү. *Тоону, ташты мындан бетер күүлдөтүп жарып, ысыкка күйүп, суукка тоңуп жүрүшкөн* (Сасыкбаев). **В.: ысык-суугуна күйүшүү** Бирибиринин үзүрүнө, шартына карашуу, туура түшүнүшүү. *Эгер адам ушундайда бири-биринин ысык-суугуна күйүшпөсө, жанагы сүйүү деген улук сезим кайда калат?* (Исмаилов).

**ЫСЫКТА** Суук тийгенде күчтүү тамак ичип жылуулануу.

**ЫСЫКТАН ысыкта** этишинин өздүк мамилеси.

**ЫСЫКТАТ ысыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫСЫКТОО ысыкта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫСЫКТЫК** 1. Жогорку температурадагы абал. 2. *өт.* Жакындык, көңүлү жакындык. *Алтынай менен Эрмектин жүрөгүндөгү ысыктыкты өлчөп жатышканы эмеспи.*

**ЫСЫЛА** Боргулданып тердеп, ысып кетүү, ысыкка чыдай албай ачынуу, женилденүү, шамалдоо. *Эшиктин ачык турганына карабастан ысылап, жонунан буу чыгат* (Байтемиров).

**ЫСЫЛАТ ысыла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫСЫЛЫ-СУУК** Кыйынчылык менен оңойлук, оор менен жеңилдик, ар кандай шарт. *Эмне үчүн Тообай ысылы-суук менен күрөшүп, кара жанын карч уруп жүрөт* (Абдумомунов).

**ЫСЫЛЫК** Ысык тамак. *Ысылык: жайнаган эт, пияз, анар, Жол тартып кыргыз кызы алып келген* (Үмөталиев). *Ысылыкка тай союп, Арак берип сыйлады* (Жантөшев).

**ЫСЫМ** Адамдын аты, наамы. *Лингвист В.В.Радловдун жана тарыхчы Бартольддун ысымдары Кыргызстан менен тыгыз байланышкан. Токтогулдун ысмы бир тууган боордош элдердин бардыгына белгилүү* («Ала-Тоо»).

**ЫСЫМДУУ** Аты, ысымы бар.

**ЫСЫРАП** Үнөмсүз, максатсыз, пайдасыз жоготулгандык, коромжулук. *Коомдук мүлктү ысырап кылуу фактылары. Материалдын бардыгын куурчакка ысырап кылганга апамдын кантип ачуусу келбесин* (Таштемиров).

**ЫСЫРАПЫЛ, ИСРАФИЛ** Дин ишениминде: кыямат кайым болордо, «сүр» деген түтүгүн үйлөгөндө, бүткүл ааламдагы тиричиликти бүтүрө турган, өлтүрө турган периштенин аты.

**ЫСЫРЫК** 1. Үйдүн ичин аластоодо колдонула турган жашыл түстүү, тоголок майда бүрлүү келген өсүмдүк. *Бирдин айы жаңырып, Жыл он эки ай толгондо, Балдарынын кийимин, Адырашман, арчага, Ысырыктап түтөтөт, Ырымдарын күчөтөт* (Чоробаев). 2. *диал.* Ар кандай ооруларга колдонулуучу дары өсүмдүк. *Ысырык майда көк чөп болот.*

**ЫСЫРЫКТА** *диал.* Арчаны, адырашманды, ысырыкты түтөтүп үйдү, бешикти, мылтыкты ж.б. аластоо.

**ЫСЫТ ысы** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫСЫТКЫ** *диал.* Суукту чыгаруу үчүн денеге басылган ысык улпак, талкан, кирпич. *Далыңызга ысыткы басыңыз.*

**ЫСЫТМА** *диал.* Экинчи жолу ысытылган тамак. *Ысытма тамак жедим.*

**ЫТКЫЙ** Былтыйып семирүү, толуу, өтө семирип кетүү. *Ыткыйган семиз киши.*

**ЫТКЫЙТ ыткый** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЧКЫН** Күчүн жыйып ыйынуу.

**ЫЧКЫНТ ычкын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫЧКЫНУУ ычкын** этишинин кыймылатоочу.

**ЫЧКЫР** 1. Дамбалдын, шымдын кашатына өткөзүп, байланып жүрүү үчүн көбүнчө ичке сызмадай тизилип, чачыкталып жасалган боо. *Дамбалдын ычкыры. Шымдын ычкыры.* 2. Бел курдун бир түрү. *Ырамандын ырчы уул, Ычкыры бапик кырк муун* («Манас»).

**ЫШ** Күйүп жаткан оттун учкунунан, түтүнүнөн пайда болгон көө; түтүндөн бир нерсенин бетине саргайып туруп калган катмар. *[Чырактардын] кай бири түтөп шишеси капкара ыш болуп да калган* (Жантөшев). *Ыш каптаган боз үй.*

**ЫШКУУ ышкы** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШКЫ I** Кандайдыр бир ишке, өнөргө ж.б. карата кызыккандык, кызыгып берилгендик, аны самагандык. *Сүйгүң келет чиркинди Ичиңден ышкын козголуп* (Тоголок Молдо). *Каржайтып жерге чаап калды, Кандайдыр жыйнап ышкыны* («Эл адабияты»).

**ЫШКЫ II** Сүрүү, жышуу. *Жыгачты жыгачка ышкыса от чыгат. Кум менен ышкып тазалоо.*

**ЫШКЫБОЗ** Ышкысы бар, ышкылуу, бир нерсеге ышкысы түшкөн, берилген, аябай шыктуу. *Оюн дегенде кыргыз эли кандай ышкыбоз калк* (Абдумомунов). *Эс алуу учурларында Түгөлдү атайылап бир топ ышкыбоздор курчап алышты* (Байтемиров).

**ЫШКЫДАР** Ашык кылган.

**ЫШКЫЗАР** Сүйүп калуу, жакшы көрүп калуу. *Ышкызар болдум мен сага.*

**ЫШКЫЛА** Кайра-кайра ышкып сүрүү, жышуу, сүргүлөө.

**ЫШКЫЛОО ышкыла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШКЫЛУУ** Шыктуу, бир нерсеге ышкыбоз, шыгы бар. *Комузга ышкылуу кичинекей балага дал ушунусу керек* («Ала-Тоо»). *Сөзгө канып, кулак салып отурса, Биз болобуз ышкылуунун жакыны* (Калык). *Ышкылуу болуп чоңойдук, Ышкынын терип шагылдын* (Коргол).

**ЫШКЫН** 1. Тоодо өсүүчү жазы жалбырактуу, сөңгөктүү, даамы кычкыл келген, солкулдак кезинде желе турган өсүмдүк. *Ышкын терүү. Саякатка чыккан балдар бир колтук ышкынды көтөрүшүп, чарчоону сезбей жадырап келишкен* (Сыдыкбеков). 2. *диал.* Ашыктык, кумардык. *Ышкынга салган дарт ушул, досум.*

**ЫШКЫН ТҮП** Ышкын өсүмдүгүнүн тамырынан алынган сары боёк. Кыргыздар илгери ышкындын тамырын казып алып, койдун, текенин, бугунун терилерин ийлеп, өңдөп, ышкындын түбүнө малма кылып боёп, тон, шым тиккен. *Акактай сары боётуп, Ышкын түпкө малдырган. Кашатка дейре ар түрдүү, Жибек менен сайдырган* (Чоробаев). – *Үшүп баратсам үйдө ышкын түпкө боёткон сары тонум бар* (Бейшеналиев).

**ЫШКЫНДАЙ** Күчү толуп, солкулдап турган, кырчындай (жаштарга карата). *Өңкөй ышкындай жаш жигиттер аскер кишисинин командасы алдында... жүрүп келатат* (Сыдыкбеков).

**ЫШКЫР** 1. Ышкырык чыгаруу (оозу менен же ышкырыкты үйлөө аркылуу). *Орусбек сыбызгыта ышкырып, колун алыска шилтеди* (Сыдыкбеков). *Тебетейин түрүп кийип, ышкырып, Тилебала койдун четин кайырган* (Осмонкул). 2. *өт.* Ызылдаган, шуулдаган катуу добуш салуу (шамал, учкан ок, бороонго карата). *Учкан ок ышкырып кулак тундуруп турат* (Каралаев). *Ышкырган бороон дале басылган жок* (Сыдыкбеков).

**ЫШКЫРТ ышкыр** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫШКЫРУУ ышкыр** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШКЫРЫК** 1. Үйлөгөндө ышкыра турган кичинекей курал. *Биздин оюбузду кондуктордун ышкырыгы менен паровоздун кыйкырыгы бөлдү* (Сасыкбаев). 2. Үйлөө, ышкыруу аркылуу абанын кысылып чыгышынан пайда болгон созулуңку, ачык дабыш. *Токтогулдун кулагына алда кимдин ышкырыгы угулду* (Токомбаев). *Улуу тоодон угулган, Ышкырыгы улардын* (Бөкөнбаев).

**ЫШПАЛДАСЫ ЧЫГУУ** 1. Тамтыгы кетүү, чалдыбары чыгуу. *Кокус бирөөнүн аялуу жалгыз костюмунун ышпалдасы чыгып калса, ал байкуштун убал-сообу кимге?* (Кыдырмышев). **2.** Айласыз, абдан жүдөгөн, арып-ачкан өтө начарлаган абалга келүү. *Анын баягы заманы жок, ышпалдасы чыгып бүтүптүр го.*

**ЫШТА** 1. Ыш кылуу, түтүн каптатуу, түтөтүү. *Үйдүн ичин тамекинин түтүнү менен ыштай берип, бат эле саргайтып жиберчү болушту* («Ала-Тоо»). 2. Чаначты, сабаны ышка кармоо, ыш кылуу аркылуу кымыз ачытууга, кымыз куюуга жарай турган кылып иштетүү. *Ыштаган чанач.*

**ЫШТАН** Дамбал, шым. *Жаман ыштанынын айрыгын көрө коюп, Эркин эки тизесин кымырып уялып кетти* (Жантөшев).

**ЫШТАТ ышта** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫШТАШ ышта** этишинин кош мамилеси.

**ЫШТОО ышта** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШТУУ** Ышы бар, ыш каптаган. *Шариптин ыштуу туманды аралагансып ачышкан көздөрү умачтап ачыла түштү* (Бейшеналиев).

**ЫШТЫК** Тери, чанач ыштай турган жер. *Ээн талаада самсаалаган ыштык кебетеленип, серейген жалгыз алачык турду* (Токомбаев). *Үйдүн ичи жаандан кийинки ыштык жыттанат* (Жантөшев).

**ЫШТЫКЧЫ** Тери жана көн буюмдарды ыштоочу адам.

**ЫШЫ КҮБҮЛҮҮ** Болгон мүмкүнчүлүгүнөн, колундагысынан ажырап мүңкүрөп калуу. *Малына чиренген байлар бир жолку жутта эле ышы күбүлүп, ит көрбөгөн күндү көрүп калышты* («Ала-Тоо»).

**ЫШЫЛДА** Ыш-ыш этип үн чыгаруу.

**ЫШЫЛДАТ ышылда** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫШЫЛДОО ышылда** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШЫН** Жалкоолонуп, мойну жар бербей жай кыймылдоо, ышынчаактык кылуу. *Кокус ышынып, жалкоолонуп жүрбөгүн* (Жантөшев).

**ЫШЫНТ ышын** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЫШЫНУУ ышын** этишинин кыймыл атоочу.

**ЫШЫНЧААК** Жалкоо, кыймылы жай, чеччкинсиз. *Ышынчаак арабакеч* (Сасыкбаев). *Анын жүрүшү карыган бүркүттөй ышынчаак болду.*

**ЫЯ** Бир нерсени сураганда, бирөөгө кайрылганда колдонулат. – *Ал ким, ыя? – деп, Татыбек үйдөн чыга келди* (Байтемиров). *Эмне эле ойлонуп калгансың, ыя?* (Сыдыкбеков).

# Э

**Э ДЕДИРБЕЙ** Дароо, ошол замат, токтоосуз, ооздон чыгары менен. *Ал менин оюма э дедирбей макул болду* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭБАК небак** менен бирдей. *Омор карынын көз алдына эбак дүйнөдөн кайткан чоң энеси элестеди* (Сыдыкбеков). *Элинин эт, жүрөгү жараланып, Эбакка өткөн күндүн изин чалып* (Тыныстанов). *Эси жок катын, жаш балдар, Эбак тарап сайлады. Эмгегим тартып зарланып, Энемдин шору кайнады* (Казыбек).

**ЭБЕГЕЙСИЗ** Абдан, өтө, ченде жок, болжолсуз. *Энеден жалгыз сен чыгып, Эбегейсиз зор чыгып* («Эр Төштүк»). *Жаш толкундай ары-бери чайпалам, Эбегейсиз кайнайт менде ишеним* (Рыскулов).

**ЭБЕДЕЙ: эбедейи эзилүү** Чын дили, чын ыкласы менен ичи-боору элжиреп, абдан берилип жакшы көрүү, аябай эзиле кубануу, сүйүнүү. *Эбедей эзилип* («Манас» С.О.). *Баласы колунан тартып, улам бир нерсени жаңдап көрсөтүп кожураганын көрүп, тыпыйган манжаларынан өпкүлөп атасынын эбедейи эзилди* («Кыргызстан аялдары»). *Семетей тирүү деп угуп, Эбедейи эзилип, Эт жүрөгү сүйүнүп* («Сейтек»). **В.: Эбедени эзилүү.** *Нускалуу байбиче эбедени эзилген акынды торсогой уулу менен алектендирбей этиет өз бооруна алды* (Бейшеналиев). *Маңдайындагы улан-кызга эбедени эзиле, алардын ар бирин өөп-жыттап, жалбарып жатты Телегей* (Өмүрбаев).

**ЭБЕЛЕК I** 1. Мыкты бөрктөп кадаганда анын алдына коюлуучу көбүнчө тегерек келген темир же башка нерсе. *Сынган казанды эбелек коюп кадады* (Мидин). 2. Саптуу куралдын (мис. балтанын) башын бек бекитүү үчүн урулуучу шынаа. *Башынан чыгып кетет деп, төрт кырдаган кош эбелек урдурган.*

**ЭБЕЛЕК II** 1. Көбүнчө кумдуу, чөлдүү жерге чыгуучу, жел болгондо тегеренип учуп кете турган камгактай жеңил өсүмдүк. *Онуң айтсаң он бөлөк, Эбелек куурай чөпсүңөр* (Жантөшев). *Жазгы чыккан эбелек.* 2. *өт.* Өтө жеңил, токтому жок, тез. *Баскан турганы өтө эле жеңил , эбелектей киши эле.*

**ЭБЕЛЕКТЕ** 1. Жеңил, тез-тез канат кагуу. *Карга, сагызган асмандан эбелектеп учуп жүрөт* (Каралаев). 2. *өт.* Өтө тез жүрүү, тез, бат кыймылдоо, басуу. *Эркелеткен Каныш ай, Эбелектеп жүгүрдү* (Мидин). *Эки киши тамагы жерге тийбей эбелектеп, тамак ташып жүрөт* (Элебаев).

**ЭБЕЛЕКТӨӨ эбелекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭБЕП** 1. Санаа, кайгы, убайым. 2. Шектенүү, күдүктөнүү, убайым жеш. *Темтейип келген бир чалдын, Тегинен эбеп жедиңби?* («Манас» С.О.).

**ЭБЕПКЕ-СЕБЕП БОЛУУ** Ондой берди болуу, бир нерсенин эби, онтою, жагдайы келе түшүү; ооруга дарысындай жагып калуу. *Балким, эбепке-себеп болуп калгысы бардыр* («Ден соолук»). *Кансыраган көкбөрүчүнү эбепке-себеп болор деп, Васил дарыгерге жеткиришиптир* (Бейшеналиев). **В.: Эбепке-себеп табылуу.** *Эбепке-себеп табыла берет тура* (Эралиев). **Эбептен-себеп болуу.** *Эбептен-себеп болуп айыгып кеткендеринен колу жеңил деген кеп укчу* (Бердикеев).

**ЭБИ ЖОК** 1. Ченде жок, эсепсиз. *Эчкини аттың эби жок, Эликти аттың чени жок* (Тоголок Молдо). *Эби жок көк жал баатырдын, Эр экенин көрөлү* («Манас»). 2. Дайны жок, жөнү жок, орунсуз. *Эби жок эле бирдемелерди сүйлөй берет экен. Батманын антип бизге тындуусунар эби жок эле* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭБИ-СЫНЫ ЖОК** Ийкемдүү эмес, колжойгон, анча жөндөмү жок. *Бурул ушул эби-сыны жок баланын олдоксон сүйлөгөнүнө жана мүнөзүнө кызыгуучу* (Каимов).

**ЭБИЙ** *диал.* Кемпир, карыган аял. *Элпилдеген эбий бол, алпылдаган абышка бол.*

**ЭБИКЫЗ** Бүркүттүн бир түрү.

**ЭБИЛ** *сейр.* **эзил, эшил, элен** менен маанилеш. *Эр үчүн кылган жакшылык, эбилип жерге түшпөс* (фольк.).

**ЭБИЛ-СЕБИЛ** Анча-мынча, анда-санда. *Эбил-себил иш жүрүп жатат.*

**ЭБИЛИП-ЖЕБИЛИП** Асты-үстүнө түшүп эркелетүү, абдан сыйлап көңүл бөлүү, жакшы көрүү. *Чоң эне кичине небересине эбилип-жебилип жалынып отурду.*

**ЭБИРЕ** Ыгы жок, орду жок көп сүйлөө, тынбай сүйлөй берүү. *Какылдак эбиреп сүйлөп кетип бара жатат(Сыдыкбеков). Эй, катын, орду жок эбиреп сүйлөй бересиңби* (Жантөшев). *Арман каткан узун сөздү эбиреп, аныбыздан алмакпыз не каниет* (Тургунбаев).

**ЭБИРЕП-ЖЕБИРЕП эбире** менен бирдей.

**ЭБИРЕТ эбире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭБИРЕШ эбире** этишинин кош мамилеси.

**ЭВАКУАЦИЯ** Коркунуч болуп турган жерден (көбүнчө согуш мезгилинде) элди, ишканаларды, мекемелерди ж.б. уюшкандык менен башка жерге көчүрүү, башка жайга алып кетүү жумушу.

**ЭВАКУАЦИЯЛА** Эвакуация кылуу.

**ЭВАКУАЦИЯЛАН эвакуацияла** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭВАКУАЦИЯЛАТ** **эвакуацияла** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭВАКУАЦИЯЛОО** **эвакуацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭВАЛЬВАЦИЯ** *экон.* Бааны, наркты аныктап белгилөө. Санын, сапатын, жарамдуулугун ж.б. аныктоо, келип чыккан кырдаалды анализдөө.

**ЭВЕЛЕК** *диал.* Көпөлөк.

**ЭВКАЛИПТ** Тез өсүүчү, андан алынуучу эфир майы медицинада кеңири колдонулуучу ири дарак. *Закавказьеде өскөн эбегейсиз чоң эвкалипт жыгачтарын биринчи жолу көрдүк.*

**ЭВОЛЮЦИЯ** 1. Өөрчүп, өзгөрүп отуруп *бир* абалдан экинчи абалга өтүү процесси. *Дарвин органикалык дүйнөнүн эволюциясына көп сандаган далилдерди келтирген.* 2. *филос.* Сан жагынан акырындап өзгөрүп отуруп, сапаттык өзгөрүүлөргө алып келүүчү өнүгүү формасы.

**ЭВОЛЮЦИЯЛЫК** **эволюцияга** таандык.

**ЭВРИСТИКА** *экон.* Тапкычтуулуктун, жигердүүлүктүн өнүгүшүнө өбөлгө болууну окутуу ыкмасы; логикалык ыкмалардын жана методикалык ыкмалардын системасы.

**ЭВФЕМИЗМ** *линг.* Айтылышы одоно же кандайдыр бир себептер менен айтууга болбой турган, тергелүүчү сөз же сөз тизмектеринин ордуна тергөө маанисинде колдонулуучу сөздөр же сөз тизмектери (мис. «өлдү» дегендин ордуна «дүйнөдөн кайтты», «чечек» дегендин ордуна «улуу тумоо» деп айтуу).

**ЭГАЛИТАРИЗМ** *саяс.* Коомдогу жарандардын теңчилигин негиздеген саясий теория.

**ЭГЕ I** 1. Ээ, кожоюн. *Күлүгүң калды эгесиз.* 2. Бардыгынын ээси, жаратканы, башкарып турганы б.а. кудай, теңир. *Эгесине жалбарып* («Манас» С.О.). *Эгемден бала сурады* («Манас» С.К.). *Ишиңди эгем оңдосун* («Семетей»).

**ЭГЕ II** **өгө** менен бирдей.

**ЭГЕЙ-ШЫГАЙ** Бирине бири жарашып, бирин-бири толуктаган, эгиздердей окшошкон. *Эр Манастын жөкөрү, Эгей-шыгай кырк бөрү* («Манас» С.О.).

**ЭГЕМЕН** Көз карандысыз, өз алдынча, баш ийбеген. *«Менин гана эгеменим! Мен дагы эгемен болгум келет, экөөбүз тең эгемен түгөй болобуз», – деп калчу* (Айтматов).

**ЭГЕМЕНДҮҮ** Эгемени бар, өз бийлигин өзү жүргүзгөн. *Кыргыз Республикасы – эгемендүү мамлекет.*

**ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК** Мамлекеттин өзүнүн ички иштеринде жана тышкы саясатында башка мамлекеттик бийликке көз каранды эместиги.

**ЭГЕР** Шарттуулук маанисиндеги байламта сөз. *Эгер чыкпай калса Тайтору, Ары жок катын дедирбей, Мен ажалдан мурун өлөйүн* («Семетей»).

**ЭГЕРДЕ** 1. **эгер** менен бирдей. 2. **эгерим** менен бирдей. *Эрегишкен душманың, Эгерде эки болбосун* («Семетей»).

**ЭГЕРИМ** 1. Эч убакта, эч качан. *Эгерим мындай бейжайчылыкты көргөн эмес экенмин* («Чалкан»). *Кодочал өмүрүндө адам аттуунун көңүлүн оорутпаган, өзү да эгерим бирөөдөн кагуу жебеген жан эле* (Стамов). 2. **эгерде** менен бирдей. *Эгерим келбей калчу болсо, ордуна өзүң иштейсиң.*

**ЭГЕРИМ ЭКИ БОЛБО!** Жакшылык көрбө, эч качан жарыба деген сыяктуу каргоо, жек көрүү маанисинде айтылат. *Кайырга каршы баргандар Эгерим эки болбосун* (Токомбаев). *Эгерим эки болбой кал! – деп Калыйпа алкынып чыгып кетти* (Бердикеев). **В.: Эгерде эки болбо!** *Ишиңди эгем колдосун, Эрегишкен душманың Эгерде эки болбосун!* («Семетей»). **Эзелде эки болбо!** *Энөө Төштүк оңбой кал, Эзелде эки болбой кал!* («Эр Төштүк»). **Эки болбо!** *Элге жамандык издеген душмандар эки болбосун! Тузуңа кара санасам, Туулгандан эки болбоюн* (Токтогул).

**ЭГЕТ** **эге** этишинин аркылуу мамилеси. *Албарс болот эгетип, арасына салдырган, сайган найза түк өтпөйт* (фольк.).

**ЭГЕШ** 1. **эге** этишинин кош мамилеси. 2. *өт.* Чатакташуу, касташуу, жоолашуу, эрегишип тартышуу. *Эгешкен жоону жок кылган Эрлериме ыракмат* (Калык).

**ЭГИДА** 1. Байыркы грек мифологиясында – Зевс кудайынын калканчы, кудайлардын каарданышынын жана камкордук кылышынын символу. 2. *өт.* Коргоо, калкалоо. Кандайдыр бир адамдын же нерсенин коргоосунда, калкалоосунда болуу.

**ЭГИЗ I** Бир энеден бир мезгилде туулган эки бала, төл. *Эгизден төл өсөт, эмгек менен эр өсөт* (макал). *Эгиз кыздар оюнчуктар менен алек* («Жаш ленинчи»). *Короодо коюң эң семиз, Соолугу төлдөйт жылда эгиз* (Барпы).

**ЭГИЗ II** *диал.* 1. Бийик, бийигинен келген. *Эки эле көзүң балбылдап, Эгизден тийген панардай* («Эл адабияты»). 2. Кээде төр, жайлоо маанисинде да айтыла берет. *Эгиздин издеп бийигин* («Манас» С.О.).

**ЭГИЗ КОЗУДАЙ** 1. Айрып алгыс, абдан окшош. *Береги эки баланын эгиз козудай бирине биринин окшошу деп таңданып өтүштү* (Сыдыкбеков). 2. Эч ажырашпай, бөлүнүшпөй, абдан ынак жакын адамдай, кыйышпастай деген мааниде. *Канткенде эгиз козудай ээрчишип бирге жүргөн, агарыпкөгөргөн адамдан ажырап жашоого болот* (Исмаилов). **В.: Эгиздин сыңарындай.** *Эгиздин сыңарындай болсо да сени соо койбойт деди* («Ала-Тоо»). **Эгиздин түгөйүндөй.** *Не дейт, датка эгизиңдин түгөйүндөй болгон күндө да көзүнө ордосун жамандап кирсең чочуп чыйрыттап кетиши ыктымал эмеспи?* (Касымбеков).

**ЭГИЗ САРЫ АЛА** *аңч.* Куштун түрү.

**ЭГИЗ УЙКАШ** *адаб.* Биринчи сап менен экинчи сап, үчүнчү сап менен төртүнчү сап жуп-жубу менен үндөшүп келген уйкаштык. *«Ийнемдин учун майтардым, Бүгүн бир короо*

*кайтардым. Ийнемдин учун түзөттүм, Бүгүн бир короо күзөттүм»* (Элдик ыр).

**ЭГИЗДЕР** *астр.* Бири-бирине жакын жайгашкан Кастор жана Поллукс эки жаркырак жылдыздуу зодиак топ жылдызы.

**ЭГИЛ эк** этишинин туюк мамилеси.

**ЭГИН** Дан берүүчү өсүмдүктөр, аштык жана анын даны, түшүмү. *Жемиши бышып төгүлгөн, Жер калбай эгин эгилген* (Бөкөнбаев). *Көзгө илээшипей тегирмендин таштары, Чайнап жатты эчен түркүн эгинди* (Токомбаев). *Эгин айдоо – байлык айдоо* (макал).

**ЭГИНДИК** Эгин айдалган, эгин себилген, эгин айдоого ыйгарылган. *Эгиндик талаа кеңүүдө, Эмгекчи пахта эгүүдө* (Бөкөнбаев).

**ЭГИНЧИ** Эгин айдоочу, багуучу дыйкан, аштыкчы. *Мата саткан дүкөнчү, Басып жүргөн бекерчи, Кош айдаган эгинчи* (Токтогул). *Эгинчи жоодо тынат, балыкчы доодо тынат* (макал).

**ЭГИШ эк** этишинин кош мамилеси.

**ЭГОИЗМ** Өзүнүн керт башынын гана камын ойлогондук. Өзүнүн жеке кызыкчылыктарын коомдун кызыкчылыгынан ж.б. кишилердин кызыкчылыгынан артык көрүүчүлүк. *Пейлинин жамандыгы эгоизм эмеспи* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭГОИСТ** Керт башынын гана камын ойлоочу, өзүмчүл, эгоизмге таандык сапаттагы киши.

**ЭГОТИЗМ** *саяс.* Менменсип, өз кадыр-баркы, өз орду жөнүндө ашкере жогорку пикирде жүргөндүк.

**ЭГОЦЕНТРИЗМ** Өзүн-өзү бул ааламдын борборундай сезүүчүлүк, эгоизмдин ашынган түрү.

**ЭГӨӨ өгөө** менен бирдей.

**ЭГҮҮ эк** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭДИГЕ** Балдардын оюнунун аты.

**ЭДИЛ** 1. Ичи кенен, ак пейил, агедил. 2. Сезгич, туйгуч, жөн билги, сыр билги, эмгек, сырдакана. *Тор кашкадай эдил жылкыдан айрылып ичим жаман сыйрылды* («Ала-Тоо»).

**ЭДИРЕЙ** Таноосу дердейүү, таноосун көптүрүп дердее карап туруу. *Сатай күлгөндөргө эдирее карады* (Сыдыкбеков).

**ЭДИРЕЙИШ эдирей** этишинин кош мамилеси.

**ЭДИРЕЙТ эдирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭДИРЕЙҮҮ эдирей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭДИРЕКЕЙ** Эдирейген, мурду чолок. *Эдирекей жаш бала экен.*

**ЭДИРЕНДЕ** Дердендөө; мурдун көтөрүп ыгы жок мактануу, көтөрүлүү, кыйынсынуу; тыңсынуу. *Кандай эдиреңдеп мактанат* (Элебаев).

**ЭДИРЕНДЕТ эдиренде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭДИРЕНДЕШ эдиренде** этишинин кош мамилеси.

**ЭДИРЕНДӨӨ эдиренде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЖЕ** 1. Бир тууган же туугандык жакындыгы бар, жашы улуу кыз же аял. *Эже кийгенди сиңди кият* (макал). *Эжени көрүп сиңди өсөт, аганы көрүп ини өсөт* (макал). *Көздөй жакын эжебиз эле сиз болуп калдыңыз* («Ала-Тоо»). 2. Өзүнөн улуу аялга, кызга кайрылганда айтылуучу сөз. *Бактылуу баатыр эжем, Кайназарова Зууракан* (Нуркамал).

**ЭЖЕЙ эжеке** менен бирдей.

**ЭЖЕКЕ** Өзүнөн улуу аял же кыздарга (көбүнчө окуткан мугалимдерине) сылык, сыйлоо иретинде кайрылуунун формасы.

**ЭЖЕЛЕ** 1. Муун-муунга бөлүп окуу, шар окуй албоо. *Алик жазууну эжелеп окуй баштады* (Каимов). 2. Тактап, дааналап, керипчоюп сүйлөө.

**ЭЖЕЛҮҮ** Эжеси бар. *Эжелүү кызга тон кайда, эчкилүү койго суу кайда* (макал).

**ЭЖИГЕЙ** Көбүнчө койдун ынак сүтүн бир нече күн айранга же жууратка ачытылган жумур (шалпылдак) менен уютуп, андан соң казанга бир нече саат кайнатып бышырылган азык, тамак. *Эжигей кайнатуу. Эжигей, быштак, куруту, Элет көчмөн турмушу, Каймак майы карында, Касиети жанында* (Тоголок Молдо).

**ЭЖИГЕЙДЕЙ САРЫ** Эжигей сыяктанган сары, сапсары, өтө сары (адамга карата). *Ал күйүп бышкан эжигейдей сары киши эле* (Жантөшев).

**ЭЖИЙ** Карып калуу. *Эжий болуп калыптыр.*

**ЭЖИР** Чоподон жасалган аяк, кеселер. *Күлбото, майда-барат эжир идиштерден алтын, күмүшүнө чейин толтура.* (Даникеев). *Арыкта агып жаткан суудан күнүнө бир эжир бергизип, анын адамдыгын кордоду* (Саспаев).

**ЭЗ** 1. Эрий турган же суюла турган заттарды сууга ж.б. суюктуктарга салып эритүү; суюктукка айландыруу; былжыраган, илээшкен абалга келтирип мыжуу, мыжыгуу. *Сүзмө эзип чалап жасады* (Сасыкбаев). *Жаан кирпичтерди эзип кетти* (Жантөшев). 2. Бирөөнү малай, кул катары жумшоо, ага эркиндик бербей эксплуатациялоо. *Абыке, Көбөш элди эзет* («Манас»). *Эзилип боорум буралат Эл-журтум түшсө эсиме* (Казыбек). *Эзилип көңүл бөлүнөт, Ашып белге чыкканда* (Казыбек). *Кыргызды жан алгычтар далай эзген, Заардуу тил, ажал огу көкөй кескен* (Турусбеков). 3. *өт.* Сөздү майдалап, көбөйтүп сүйлөө; тантуу, маңызданууу. *Так сүйлө куру бекер сөзүң эзбей* (Үмөталиев).

**ЭЗЕЛ** Эски заман, байыркы заман, дайыма, түбөлүккө. *Эзелден берки доо. Эзелтен чечилбеген улуу талаш, Канткенде Адам уулу Адам болот?!* (Айтматов).

**ЭЗЕЛДЕ** Илгери, мурда, башынан. *Эзелде ишиң агынан, Элиңе өттү кадырың* (Токтогул).

**ЭЗЕЛИ** Эч убакта, эч качан; башынан. *Шаматтын эзели эрдинен желки кетпейт* (Элебаев).

**ЭЗЕЛКИ** Илгерки, алда качанкы, өткөндөгү. *Эсебин анын таппасам, Эзелки жинин какпасам* («Семетей»). *Эзелки тууган агайын, Эсендешип алайын* (Токтогул).

**ЭЗИЛ** эз этишинин туюк мамилеси. *Алмурут бышса эзилип, Жаңгагы турат дан байлап* (Чойбекова).

**ЭЗИЛҮҮ эзил** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЗИЛҮҮЧҮ** Эзүүгө дуушар болгон, эзилген адам.

**ЭЗМЕ** Сөздү майдалап, созуп, маңызданып айта берген, тантырак. *Бир мүнөз эзме, көк тил, түбү тантык, Эзилтип айта берет сөзүн шалпып* (Тоголок Молдо).

**ЭЗОП ТИЛИ** Каймана сөз, негизги ойду башкага чаргытып айтуу ыкмасы (б.з.ч. VI кылымда жашап өткөн байыркы грек тамсилчиси Эзоптун атынан калган).

**ЭЗОТЕРИКАЛЫК** Өтө сырдуу, өтө жашырын, ошол дүйнөгө баш-оту менен берилип кирген адамдар гана билүүчү.

**ЭЗҮҮЧҮ** Өндүрүш каражаттарына, бийликке ээ болуп алып, эмгекчи элди эзген эксплуататор. *Эзүүчүлөр түбөлүк жашай албайт, Совет бийлиги эзүүчүлөрдү биротоло жойду.*

**ЭЙ** Бирөөнү чакырганда, бирөөгө кайрылганда ж.б. айтылат. *Эй, колхоздун бакчысы, Бай бакчаңда эмнең бар?* (Осмонов). *Эй, эй, куу түлкү, Эки балам жылаң баш* (Осмонов).

**ЭЙФОРИЯ** Кубанычтын көкөлөп турган абалы.

**ЭК** Эгин айдоо, себүү. *Быйыл буудай эктим эле, жакшы чыкты. Эксең эгин – ичерсиң тегин* (макал).

**ЭКВАТОР** *геогр.* Жер шарын бирдей аралыкта тең эки жарым шарга Түндүк жана Түштүк полюстарына бөлүп турган чек, сызык.

**ЭКВИВАЛЕНТ** Бир нерсеге барабар, тең, бирдей келип, толук бойдон ошонун ордун басуучу, анын ордуна жүрүүчү.

**ЭКВИВАЛЕНТТҮҮ** Барабар баалуу, күчү бирдей, бирдей мааниде.

**ЭКВИВАЛЕНТТҮҮЛҮК** Барабар баалуулук, күчү бирдейлик, бирдей маанилүүлүк.

**ЭКЕ: эке-токо** 1. Өйдө-төмөн, жакшы-жаман. 2. *өт.* Көптү көргөн, турмуштун ысык-суугуна бышкан. *Эке-токо катындай, эски токум башындай* (лакап).

**ЭКЗАЛЬТАЦИЯ** 1. Шаттанган, салтанаттуу маанайдагы абал. 2. Жөндөн жөн, обу жок салтанаттуулук.

**ЭКЗАМЕН** Кандайдыр бир окуу предмети боюнча текшерүү сыноосу; жалпы эле сыноо. *Жогорку окуу жайына кабыл алуу экзамендери. Мамлекеттик экзамендер.*

**ЭКЗАМЕНАТОР** Экзамен алуучу киши.

**ЭКЗЕМА** Саргарт, саргарт жара, көз жара.

**ЭКЗЕМПЛЯР** *экон.* Бир катар окшош буюмдардын (нерселердин) бир даанасы. Мисалы, нускасы ар кандай сандагы китептин бир даанасы.

**ЭКЗИСТЕНЦИАЛИЗМ** Жеке адамдын дүйнөдөгү ордун анын жашоосунун маңызын, тагдырынын кайталангыстыгын изилдеген, чагылдырган философиялык окуу, искусстводогу агым.

**ЭКЗОГАМИЯ** Бир уруудагы кыз менен жигиттин үйлөнүшүнө жана жыныстык мамилеге тыюу салуу.

**ЭКЗОТИКА** Бөлөк жердин, бөтөн элдин дүйнөсүнө таандык чоочун көрүнүштөрдүн башка бир өлкөнүн элдерине өзгөчө укмуш, көрөсөндүү көрүнүшү.

**ЭКЗОТИКАЛЫК** Өтө эле башкачалык, өзгөчө укмуштуулук. *Экзотикалык өсүмдүк. Экзотикалык костюм.*

**ЭКИ** 2 саны, эсеби. *Эки жерде эки – төрт. Эки курбу баш кошуп, Эркелешсең эң кызык* (Токтогул). *Эки жакшы баш кошсо ырыс, эки жаман баш кошсо уруш* (макал).

**ЭКИ АЙТТЫРБОО** Сөзүн эки кылбоо, айтары менен орундатуу, айтканын эки кылбоо. *Борколдойдун оозу бүлк этеби, бүлк этсе аны эки айттырбай угуш керек эмеспи* (Кыдырмышев).

**ЭКИ АНЖЫ** Олку-солку, бир пикирге, бир чечимге келе албаган, чечкиндүү эмес. *Изат да эки анжы ойдо турган эле* (Даникеев). *Ниети эки анжы ортозаар Жалий талмоорсуй саамга кимисине не дээрин билбей дапдаарыды* (Бейшеналиев). *Эки анжы элдин ичи боло калды, Канчасы Төлөк тарткан жолго салды* (Токомбаев).

**ЭКИ АЧА** Бирдей эмес, бири-бирине карама-каршы, туура келбейт, айырмачылыгы бар (сөзү, ою ж.б.). *Алардын сөзү эки ача чыгып калды.*

**ЭКИ АЯКТУУ** 1. Эки аягы бар. *Эки аяктуу араба.* 2. *өт.* Адам.

**ЭКИ БАКЫР, БИР ТУКУР БОЛУУ** Ынтымакташуу, биргелешүү, баш кошуу. *Эки бакыр, бир тукур болуп, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарсак жакшы болбойбу, – деп кай бир бай-манаптар бирди-жарым кедейлерди алдап жүрөт* (Жантөшев). *Алар эки бакыр, бир тукур болгондон бери жубайы менен бирге иштейт* («Ала-Тоо»).

**ЭКИ БОЛБОО** 1. Айткан айткандай болуу, деген дегендей так орундалуу. *Артык акенин айтканы эки болбой, бардык кишилер анын оозун карар эле* («Ала-Тоо»). 2. Иши оңолбоо, артынан кетүү, жакшылыкка жетпөө. *Анын эки болуп кеткенин көрө албадым, баягыдай эле* («Ала-Тоо»). **В.: Эки кылбоо.** *Буйругун эки кылбай барган күнүм, Кутулбай залим байдан арман күнүм* (Барпы). *Бул аймакта анын бүтүмүн эки кылчу ким?* (Бейшеналиев).

**ЭКИ БУТУН БИР КОНЧУНА СЫЙДЫРУУ** Катуу кысмакка алуу, абдан кыстоо, айласын кетирип талап кылуу. *Бул кабарды укканда Матынын эки бутун бир кончуна сыйдырды* (Жантөшев). *Тапшырманы төкпөсөң шыбырга айдаласың, – деп эки бутун бир кончуна сыйдырды* (Сыдыкбеков). *Бул ирең суукутун эки бутун бир кончуна сыйдырып, көрсөтөт элем* («Ала-Тоо»). *Бир*

*мезгилде канчалардын канат-бутагын кыркып, канчаларды эки бутун бир кончуна кийгизген, канчаларды жазган чыгармасы үчүн бир көзүнөн жаш, бир көзүнөн кан алып, бир гана саясий принцип менен өлчөп-бычып берчү соцреализм азыр жок* («Аалам»). **В.: Эки бутун бир кончуна кийгизүү.** *Карабайдын каары Абастын эки бутун бир кончуна кийгизип, айласын кетирди* («Ала-Тоо»). **Эки бутун бир кончуна тыгуу.** *Төлөмүш оюнда Шаршенин эки бутун бир кончуна тыктым деп, маашырланып калды* («Чалкан»). **Эки бутун бир өтүккө киргизүү.** *Уурулугу кармалып, айыбы ачылган Дөөмдүн эки бутун бир өтүккө киргизип, ишин сотко берди.* **Эки бутун бир өтүккө сыйгызуу.** *Акмат эртең менен Оторбайды чакырып алып эки бутун бир өтүккө сыйгызып туруп, Жапардын эки жылдык акысын алып берди* (Жантөшев). **Эки бутун бир кончуна катуу.** *Анысын бий билип калса, эки бутун бир кончуна катат эле* (Убукеев).

**ЭКИ ДЕБӨӨ** Жалган айтпоо, айтканынан кайтпоо, убадага бек болуу. *Ага ишене берсең болот, ал эч качан эки дебейт* («Аалам»). **В.: Эки сүйлөбөө.** *Кээде эки сүйлөп коймоң да бар* (Шүкүрбеков).

**ЭКИ ДҮЙНӨДӨ ЫРААЗЫ** Абдан ыраазы, аябай ыраазы экендик. *Басия, Алексей! Силерге эки дүйнөдө ыраазымын* (Тойбаев). *Куйөөңө айт, астыбызга түшсүн, түшпөсө сага эки дүйнөдө ыраазы эмеспиз* («Ала-Тоо»).

**ЭКИ ЖЕРДЕ ЭКИ ТӨРТ** Бир иштин болору, орундала тургандыгы, аткарылары анык, өтө так, натыйжасы айдан ачык деген сыяктуу мааниде колдонулат. *Директордун колун өзүндөй кылып коюу колдон келет. Кокуй, буларың мен үчүн эки жерде эки төрт дегендей эле нерсе эмеспи.*

**ЭКИ ЖҮЗДҮҮ** Өң карама, бир сөздө турбаган, өңдү көрсө жүз тайды, тайсалдама, кошоматчы. *Сени жаман көргөнүм бул: эки жүздүүсүң* (Байтемиров). *Калимжан аке жалаң гана жалкоо эмес, эки жүздүү да турбайбы* (Сыдыгалиев). *Өлүмдөн корккон кишилерди да көрдүм, булар жалтанчаак, коркок, күн карама, эки жүздүү болуп калат экен* (Абдукаимов). **В.: Эки беттүү.** *Анын эки беттүү адам экендиги билинип калды* («Ала-Тоо»).

**ЭКИ ЖҮЗДҮҮЛҮК** Кошоматчылык, күн карамалык, коркоктук, чыккынчылык. *Ач көздүк менен эки жүздүүлүк эми уругун чача албайт, биз аны күнүгө аластап турабыз* (Ашымбаев). *Байбиченин балдарынын биргелешип аны саткан эки жүздүүлүгүнүн өчүн алууга Калпа ызаланат* (Бейшеналиев).

**ЭКИ ИШТЕН БИР ИШ** Бир иштин шылтоосу менен экинчисин кошо бүтүрүү деген мааниде. *Эки иштен бир иш, азыркы биз кеп кылып отурган маселени аныктап, тактап келүүгө тийиишсиң* (Эралиев). *Шылтоого шыноо, эки иштен бир иш. Кардарлардан суюлганда Дүр мырзага жаңылык тартууну жеткизип барайын* (Бейшеналиев).

**ЭКИ КОЛУ БИР ООЗУНА ТҮТПӨӨ** Абдан шашып тамактануу, алдындагысынын баарын кайсай берүү, катуу киришүү (көбүнчө өтө ачка болуп же тамактын каары өткөн адамга карата). *Ороз менен Сейиттин эки колу бир оозуна тутпөй аймап-күймөп катуу кетишти* (Убукеев).

**ЭКИ КОЛУ ООЗУНА ЖЕТҮҮ** *к.* **колу оозуна жетүү.**

**ЭКИ КОЛУН БООРУНА АЛУУ** Боюнан бошонуу, аман-эсен төрөп алуу деген мааниде. *Аман-эсен эки колуңду бооруңа алып ал, балам, – деп кемпир абдан ыраазы болуу менен алкады.*

**ЭКИ КОЛУН МУРДУНА КАТУУ** Колуна кармаган, арнап ала келген эч нерсеси жок, куру кол. – *Билип көрөйүн, – дедим мен, жаза атып алсаң, эки колуңду мурдуңа катып барып көзүнө көрүнбө, а көрө маралдар менен кошо жогол* (Айтматов). **В.: Эки колун мурдуна тыгуу.** *Анткени, булар кун төлөйбүз деп, бар малынан түгөл ажырап, эки колун мурдуна тыгып, туктүүдөн түгү калбай калды* (Үмөталиев). *Эки колун мурдуна тыгып жетип келиптир* (Айтматов).

**ЭКИ КОЛУН ТӨБӨСҮНӨ АЛЫП КЕТҮҮ** Бардыгынан кечип, экинчи кайрылгыс болуп безип кетүү маанисинде колдонулат. *Бизди ата-эне деп айтканга көнбөсөң, эки колуңду төбөңө алып кет* (Сыдыкбеков).

**ЭКИ КӨЗҮ ТӨРТ БОЛУУ** Бир нерсени абдан самоо, эңсөө же бирөөнү чыдамсыздык менен зарыга күтүү, ак эткенден так этүү. *Энесин каалап көрүүгө, Эки көзү төрт болуп* («Манас»). *Өмүр бою элге аралашсам дегенде эки көзүм төрт болуп бүткөн* (Медетов). *Жок дегенде, элдүү жерге жетсем дегенде Таабалдынын эки көзү төрт болду* («Ала-Тоо»). *Убактысынча болсо да тынчтанса экен деп эки көзү төрт боло самаган Сулайман* (Осмоналиев). **В.: Эки көзү төрт.** *Сөзү урпактарга жазма түрүндө жетсе дегенде эки көзү төрт* (Бейшеналиев). *Мектеп, бала бакча аймакташ болуп, айыл ичинен орун алса дегенде эки көзүбүз төрт* («Кыргызстан маданияты»). **Көзү төрт.** *Жамгыр башталып, иңир кире электе капчыгайдын төрүнө жетип алсак экен дегенде Ажыбектин көзү төрт* (Кушубеков). *Ырас, кан төгүлбөсүн дегенде Мадамин бектин көзү төрт* (Касымбеков).

**ЭКИ КӨЗҮ ЧАНАГЫНАН ЧЫГУУ** *к.* **көзү чанагынан чыгуу.**

**ЭКИ КӨЗҮ ЧАЧЫРОО** *к.* **көзү чачыроо.**

**ЭКИ КӨЗҮН АЛБОО** *к.* **көз айырбоо.**

**ЭКИ КЫЛБОО** *к.* **эки болбоо.**

**ЭКИ ОЙЛУУ БОЛУУ** Белгилүү бир пикирге, жыйынтыкка, тыянакка келе албоо, чечкиндүү боло албоо. *Жалий эки ойлуу болуп, дендароо боло түштү* (Бейшеналиев). *Сабхат эки ойлуу болуп, каалгый басып постуна барды* (Сасыкбаев).

**ЭКИ ООЗ** Бир аз, анча-мынча, көп эмес

сөз, кеп. *Алардын бир эле жалынып койгон эки ооз сөзү бизге канча дем берди эле* (Жусупов). *Анысын Касым бала сезген да эмес, Беттешип эки ооз сөзгө келген да эмес* (Осмонов). *Же эки ооз кошок кошуп, элдин көңүлүн албадың* (Жантөшев). **В.: Эки-үч ооз.** *Эки-үч ооз сөз чүргөп, элдир-селдир ыр жазган* (Маликов). *Эки-үч ооз сөзду түзүктөп айта албаган бир байкуш экен* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭКИ ООЗУНУН БИР ООЗУ** Айткан сөзүнүн көбү, айтуучунун көңүлүнүн борборунда тургандыктан кайра-кайра кайталап айтылган сөз. *Досуңуздун эки оозунун бир оозу эле сиз* (Бейшеналиев). *Ыры менен ышкырыгы басыла калса, эки оозунун бир оозу машинада* (Өмүрбаев). **В.: Эки оозунун бири.** *Маречек аябай толкунданып, эки оозунун бири эле: «Мынакей бакыт издегендерге жол ачылды», – дейт* (Ашымбаев). *Ошондо эки оозунун бири – Шволик болду, аны көрүнгөнгө кайбаттап бутту* (Ашымбаев). *Башкарманын өзү баш болуп эки оозунун биринде эле мени «аксакал» деп калышты* («Советтик Кыргызстан»).

**ЭКИ ООЗУНУН БИРИ** *к.* **эки оозунун бир оозу.**

**ЭКИ СӨЗДҮН БАШЫН КОШО АЛБОО** Сүйлөй албоо, айта албоо. *Жадагалса эки сөздүн башын кошо албаган коноктор менен өтүгүн майрыйта баскан ашкебилер да ага сынтагып сүйлөйт* (Жигитов).

**ЭКИ СӨЗДҮҮ** Убадасында турбаган, сөзүнүн туругу жок, калп айтып коймо. *Экөөнү беттештире келгенде эки сөздүү Эстебестин айыбы ачылды* («Чалкан»).

**ЭКИ СҮЙЛӨӨ эки сөздүү** менен бирдей. *Кээде эки сүйлөп коймоң да бар, жөн жүрбөйсүң* (Шүкүрбеков).

**ЭКИ ТИЗГИН, БИР ЧЫЛБЫР** Бийлик, толук башкаруучулук. *Булар журт бийлеп көнүп калышкан, эки тизгин бир чылбырды бирөөгө оңойлук менен бере коюшпайт* (Касымбеков). *– Эки тизгин, бир чылбырды өзүң ал эми! – деп батасын берген* (Осмоналиев). *Эки тизгин, бир чылбыр дале ошолордун колунда болсо, эми кайрылып барып, алар менен катар иштеп тура алабы!* (Айтматов). **В.: Эки чылбыр, бир тизгин.** *Акырындап уруктун эки чылбыр бир тизгини да колуна тийди* (Абакиров).

**ЭКИ ҮЗӨҢГҮНҮ БИРДЕЙ ТЕМИНҮҮ** Эки жакка тең болуу, калыс болуу, калыс кылуу маанисинде. *Кээде эки үзөңгүнү бирдей теминип коюу да жаман эмес* (Үмөталиев). **В.: Эки үзөңгүнү тең теминүү.** *Сен, эки үзөңгүнү тең темин, антпесе калыстыктан тайып каласың* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭКИ ЧАЙНАП, БИР ЖУТУУ** Ары-бери, тез эле жок кылуу, жоготуу, буйдамга келтирбөө. *Алар бизди колунан келсе, эки чайнап, бир жуткулары келет* (Жантөшев). *Колуна берсең, эки чайнап, бир жутчудай, – деди Атабай бүйрөсү кызып* (Саатов). **В.: Эки чайнап, бир бүркүү.** *Ал эмес, бул жердеги элүү башыңды эки чайнап, бир бүркүп койбойт беле* (Жантөшев). *Көрөт элем анын көзүнчө ушинтип айтканыңарды, эки чайнап бир бүркмөк* (Абакиров).

**ЭКИЛЕН** Ыгы жоктонуу, обу жок кылыктануу; жойпулануу, оштонуу, назданyy. *Какылдак экиленип күлүп койду* (Сыдыкбеков). *Жоголгула, кантер экен десе экиленип кетет* (Бөкөнбаев).

**ЭКИЛЕНТ экилен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭКИЛЕНҮҮ экилен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭКИЛТИК** 1. Кош кат, катар. *Асан сакасын экилтик кылып тигип, чүкө ойноду.* 2. *адаб.* Эки китептен турган, эки романдан турган, дилогия.

**ЭКИЛҮҮ** Экиленген, обу жок оштонгон, эрке, кылыктанган, жойпуланган. *Элебес келинчегинин экилүү жоруктарына солк этпей чыдады* (Сыдыкбеков).

**ЭКИНИН БИРИ** Мыкты, абдан чыгаан, көрүнүктүү, белгилүү. *Ошол Сергей кызмат жагынан дагы көтөрүлүп, Ташкентте экинин бири болуп иштейт* (Бейшеналиев). *Ырамытылык Шамбет да экинин бири болуп, колхоздун бир тармагын жетектеп жүрүп дүйнөдөн кайтты* (Бердикеев).

**ЭКИНЧИ** Экинин иреттик саны.

**ЭКИПАЖ** Кеменин, самолёттун, танктын ж.б. командасы, анда кызмат кылган адамдар.

**ЭКЛЕКТИЗМ** Бири-бири менен байланышпаган, ар түрдүү көз караштарды механикалык, принципсиз түрдө бириктирүү.

**ЭКЛЕКТИК** *филос.* Өзүнүн бир принципке негизденген философиялык системасын түзбөгөн жана башка бир философтун көз караштарына кошулбаган, ошол эле учурда ар түрдүү системадан өзү туура деп эсептеген нерселерди алып, аларды кандайдыр бир жыйынтыктуу бүтүндүккө бириктирип, байланыштырган адам.

**ЭКЛИПТИКА** *астр.* Асман сферасынын Күндүн бир жылдагы кыймылы аныкталган чоң тегереги.

**ЭКМЕТ** 1. Даанышмандык, билим. 2. *өт.* Сырдуу, сыр. *Экмет сөз.*

**ЭКОЛОГ** Экология тармагында иштеген адис.

**ЭКОЛОГИЯ** Адам менен курчап турган чөйрөнүн өз ара карым-катыш маселелерин ар тараптан иликтей турган илимдин бир тармагы.

**ЭКОНОМИКА** 1. *экон.* Белгилүү бир коомдук түзүлүштүн, коомдогу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө ылайык келген өндүрүштүк мамилелердин жалпы жыйындысы. 2. Эл чарбасынын кандайдыр бир тармагынын абалы, түзүлүшү, уюштурулушу. 3. Эл чарбасынын материалдык, финансылык жактарын изилдей турган илим тармагы.

**ЭКОНОМИКАЛЫК экономикага** таандык.

**ЭКОНОМИСТ** Экономика маселелери жана чарба маселеси боюнча адис.

**ЭКОНОМИЯ** 1. Орду, ыгы менен чыгымдоо, сарамжалдуу жумшоо, үнөмдөө. 2. Орду, ыгы менен чыгымдоодон, жумшоодон арткан пайда.

**ЭКОСИСТЕМА** Белгилүү физикалык – географиялык аймактагы заттардын, энергиянын айланышын багыттоочу, жөнгө салып туруучу кызмат аткарып туруучу тирүү организмдерден жана алар жашаган жансыз чөйрөдөн турган система.

**ЭКПРЕССИОНИЗМ** XX кылымдын башында искусстводо, анын ичинде адабиятта да пайда болгон агым.

**ЭКРАН** 1. *физ., тех., мед.* Аппараттын ички курулмаларын сырткы айланадан, зыяндуу нурлардан далдалап жана о.э. адамды да аппараттан чыгуучу нурлардан сактап туруучу тосмо. 2. Фильмдер, диапозитивдердин сүрөтү көрсөтүлүүчү ак полотно (же акталган стена).

**ЭКРАНДАШТЫРУУ** Кинодо көрсөтүү үчүн ылайыктап даярдоо.

**ЭКС** «Мурунку», «мурдагы» деген түшүнүктү билдирүүчү бөлүкчө.

**ЭКСГУМАЦИЯ** Кээ бир учурдагы көрдөгү өлүктү кайра ачып, өлүмдүн себебин аныктоо аракеттери.

**ЭКСКАВАТОР** Топуракты, кумду,ташты ж.б. өзү казып, өзү сузуп, транспортко жүктөөчү же бир жерден экинчи жерге сузуп төгүүчү машина. *Осмон экскаватордо күнү-түнү дебей мыкты иштегендиги үчүн сыйланды* (Сасыкбаев).

**ЭКСКАВАТОРЧУ** Экскаватордо иштеген, аны башкарган адам.

**ЭКСКУРС** Баяндоодо негизги темадан четтеп, ага байланыштуу кошумча маселелер жөнүндө маалымат берүү.

**ЭКСКУРСАНТ** Экскурсияга катышуучу.

**ЭКСКУРСИЯ** Билим алуу, таанышуу максаты менен кандайдыр бир мекемеге, ишканага, ар кандай жерлерге коллективдүү түрдө баруу. *Башталгыч мектептин окуучулары экскурсияга барышты.*

**ЭКСЛИБРИС** *сур.* Китепти көркөм жасалгалоодо мукабанын ички бетин чаптоого ылайыкталган, адатта кичинекей жардык кагаз түрүндө басылган, китептин ээсинин аты жазылган, анча чоң эмес көлөмдөгү графикалык композиция.

**ЭКСПАНСИОНИЗМ** Экспансиянын агрессивдүү саясаты.

**ЭКСПАНСИЯ** *саяс.* Өзүнүн саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу аркылуу башка территорияларды жана рынокторду күч менен басып алуучу империалисттик агрессивдүү саясат.

**ЭКСПЕДИТОР** Товарларды, газета-журналдарды ж.б. туш-туш жакка жөнөтүп жана кабыл алып туруучу кызматчы.

**ЭКСПЕДИЦИЯ** Белгилүү максат менен бир жакка жиберилген изилдөөчүлөр, байкоочулар тобу, алардын саякаты, жүрүшү. *Диалектологиялык экспедиция. Геологдордун экспедициясы. Полярдык экспедиция.*

**ЭКСПЕРИМЕНТ** 1. Илимий максатта жүргүзүлгөн тажрыйба. *Дарылар алгач бир нече эксперименттен өтөт* («Ден соолук»). 2. Тажрыйба, байкоо, жасап көрүү, сынап көрүү. *Мына ушул эксперимент менен космоско дайыма учуу үчүн адамзат практикалык биринчи кадамды шилтеди.*

**ЭКСПЕРТ** Талаш, татаал иш жана маселе боюнча экспертиза жүргүзүп, пикир айтуучу, жыйынтык чыгаруучу атайын билимдерге ээ адис.

**ЭКСПЕРТИЗА** Кандайдыр бир иштен, маселеден туура корутунду, жыйынтык чыгаруу максатында эксперттер тарабынан жүргүзүлгөн текшерүү, изилдөө иши.

**ЭКСПЛУАТАТОР** Бирөөлөрдү эзип, алардын эмгегинен табылган пайданы өзүнө олжолоп алуучу, эзүүчү.

**ЭКСПЛУАТАЦИЯ** 1. Өндүрүштө жалданып иштеген эмгекчи массанын эмгеги аркылуу өндүрүлгөн продуктыларды, бардык материалдык байлыктарды жеке менчиктин негизинде өзүнө олжолоп алуу, бирөөнүн эмгеги менен пайда көрүү жолу. 2. Кандайдыр бир машинаны, темир жолду, курулушту ж.б. өндүрүшкө киййирүү, андан пайдалануу, иштетүү. *Биринчи беш жылдыкта Фрунзе шаарындагы тегирмен комбинаты курулуп, эксплуатацияга берилген.*

**ЭКСПЛУАТАЦИЯЛА** Эксплуатация кылуу, бирөөнүн эмгегинен пайдаланып эзүү.

**ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО** **эксплуатацияла** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭКСПОЗИЦИЯ** 1. *адаб.* Адабий чыгарманын аракет башталганга чейинки шартты мүнөздөөчү бир бөлүгү, кириш бөлүгү. 2. *муз.* Музыкалык чыгармалардын негизги темаларынын алгачкы баяндалышы. 3. Музей материалдарынын, искусство чыгармаларынын же башка буюмдарынын көргөзмө үчүн белгилүү система менен жайлаштырылып коюлушу. 4. Фото сүрөт алууда фото аппараттын объективин ачып, жарык өткөрүү убагы.

**ЭКСПОНАТ** Музейде, көргөзмөдө ж.б. көрүүчүлөр үчүн көрүнөө жерге коюлган нерсе. *Физика жана зоология кабинеттери жаңы аспаптар, экспонаттар менен толукталган* (Сыдыкбеков).

**ЭКСПОРТ** Белгилүү бир өлкөдөн товарларды, кызмат көрсөтүүнү, баалуу кагаздарды ж.у.с. алып чыгуу жана аларды тышкы рынокто сатуу.

**ЭКСПОРТЕР** Экспорттоочу. Чет мамлекетке товар же капитал чыгаруу.

**ЭКСПОРТТО** Экспорт кылуу.

**ЭКСПОРТТУК** **экспортко** таандык.

**ЭКСПРЕСС** Көбүнчө алыс жерлерге ылдам, тез жүрүүчү пассажирдик поезд, пароход, автобус ж.б.

**ЭКСПРЕССИВДҮҮ** Таасирдүү, элестүү, жеткиликтүү.

**ЭКСПРЕССИЯ** 1. Таасирдүү дааналык, таасирдүү элестүүлүк, жеткиликтүүлүк. 2. Көркөм чыгарманын так, даана жана таасирдүү болушу.

**ЭКСПРОМТ** *адаб.* 1. Акындар, жазуучулар тарабынан алдын-ала эч кандай даярдыгы жок жазылган, айтылган, көбүнчө тамаша мүнөздөгү ырлар, учкул сөздөр, тамашалуу жооптор. *Аалынын экспромттору.* 2. Эркин формада жазылган анча чоң эмес формадагы музыкалык чыгарма.

**ЭКСПРОПРИАЦИЯ** Өндүрүш каражаттарынан, мал-мүлкүнөн ж.б. баш тартууга аргасыз кылуу; күч менен тартып алуу.

**ЭКСТАЗ** Кубанычтан, ырахаттануудан өзүн унутуп койгон, магдыраган абал.

**ЭКСТЕНСИВДҮҮ** Сапаттык эмес, сандык жагынан өсүү, кеңейүү, чоңоюу; **интенсивдүүлүккө** карама-каршы мааниде. *Өндүрүштө гана эмес чыгармачылыкта да экстенсивдүү метод менен иштеген акын-жазуучулар да көп болгон* («Эркин Тоо»).

**ЭКСТЕРН** Окуу жайында атайылап окубастан, өзүнчө даярдануу менен кандайдыр бир окуу жайынын окуу программасы боюнча экзамендерден өтүүчү.

**ЭКСТЕРНАТ** *пед.* Жогорку окуу жайларында кезектеги аттестацияны күн мурун өз алдынча тапшыруу.

**ЭКСТЕРРИТОРИАЛДУУ** Өзгөчө артыкчылык – жергиликтүү сот тарабынан соттолбоо, налогдордон бошотуу ж.б. укугу; чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрүнө өз ара берилген ушундай өзгөчө артыкчылык.

**ЭКСТЕРЬЕР** Жаныбардын сырткы түзүлүшү, көрүнүшү.

**ЭКСТРАКТ** Дары чөптөрдөн эритип (сууда, спиртте), сыгып алынган тундурма.

**ЭКСТРАНЕТ** *инф.* Эки же андан көп мекеменин ички маалыматтарын бирдикте пайдалануу үчүн инфратармактардын биригүүсү.

**ЭКСТРАСЕНС** Өтө жогорку сезими менен адамдын оорусун, психикалык абалын ж.б. таап билип, аны дарылаган адам.

**ЭКСТРЕМИЗМ** *саяс.* Идеологияда жана саясатта чектен чыккан көз караштарды жана аракеттерди колдоочулук.

**ЭКСТРЕМИСТ** Чектен чыккан көз караштарды жана аракеттерди колдогон адам.

**ЭКСЦЕСС** 1. Бир нерсенин чектен тышкары көрүнүшү, тыйылбастык, ашыкчалык. 2. Коомдук тартипти бузуучу курч кагылышуу.

**ЭКТИР** **эк** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭКЧЕ** Силкүү; калчоо, чайкоо; силкилдетүү. *Эгинди калбырга салып экчеп элөө. Машина экчей берген сайын кысылып отурган кишилердин арасы да бошой түштү* (Сыдыкбеков). *Эски араба тынчсыз жолдо экчелип, Жыгачтары кулакты жеп калдырайт* (Тыныстанов).

**ЭКЧЕЛ** **экче** этишинин туюк мамилеси.

**ЭКЧӨӨ** **экче** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛ** 1. Мамлекеттин, өлкөнүн калайык калкы. *Эл менен көтөргөн жүк жерде калбас* (Айтматов). *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул). *Эңкейдим аркы бетине, Элимдин чыктым четине* (Казыбек). 2. Улут, белгилүү бир тилде сүйлөгөн калк. *Элдин сезими – тарых сезими* (Айтматов). *Кыргыз эли ар тараптан гүлдөп өсүүдө. Элдерди мактап өзүңдү [кыргызды] Алардын кылба кийини* (Сарногоев). *Канчалык сонун болсо да, Эл-журтум турат эсимде* (Казыбек). 3. Көпчүлүк, коомчулук. *Көп жигиттер эл мүдөөсүн унутуп, Мансап, арды тартып жүрөт көк бөрү* (Абылкасымова). *Эмгекчи эл. Эл жокто сүйлөшөлү деп, конторунан чыгып кетти* («Советтик Кыргызстан»). *Эгерде керек болсо көтөрөйүн, Энеке, жонума артчы элидн жүгүн* (Акматалиев).

**ЭЛ АРАЛЫК** Элдердин, мамлекеттердин ортосундагы байланышка таандык. *Эл аралык саясат. Эл аралык байланыш. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын катышуучулары.*

**ЭЛ АРАЛЫК МИГРАЦИЯ** Адамдардын бир өлкөдөн экинчи өлкөгө көчүп которулушу. *Анда эки өлкөнүн парламентарийлери трансчегаралык, маданий-экономикалык, миграциялык жана партиялар аралык кызматташуу маселелерин талкуулашты* («Кыргыз Туусу»). *Миграция жана жумуштуулук боюнча мамлекеттик комитетинин билдирүүсү боюнча Масквада Кыргызстандык эмгек мигранттары үчүн маалыматтык-консультациялык борбор ачылды* («Кыргыз Туусу»).

**ЭЛ АЯГЫ СУУГАН КЕЗ** Баскан-тургандар, келген-кеткендер азайып, сейрек тартып калган, тынчып калган мезгил, учур.

**ЭЛ АЯГЫ СУЮЛУУ** Келген-кеткендер, баскан-тургандар азайып, сейрек тартып калуу, басандай түшүү. *Ашка келгендер тараганда, эл аягы суюлганда жалгыздап барат* (Осмоналиев). *Салтанаттуу жыйын тарап, эл аягы суюлуп калган кезде Карел менен Ашырбек сүйлөшүп турду* (Ашымбаев). **В.: Эл аягы басылуу.** – *Кана, даяр болдуңарбы? Эл аягы басылып, элдин бардыгы кызык уйкуга кирди, – деди Маты* (Жантөшев). *Карачал жиберген тыңчы эл аягы басылганда айылдын четине келди* (Жоошбаев). **Эл аягы суу.** *Эл аягы сууган мезгилде, доктурга көрүнүүгө кечке жакын келиптир* («Ленинчил жаш»). **В.: Эл аягы тыйылуу.** *Бакылдаган үндөр уламдан-улам алыстап, эл аягы тыйылып калды* (Байтемиров).

**ЭЛ БЕГИ** 1. Башчысы, башкаруучусу маанисинде. 2. Кокон хандыгындагы жогорку мансаптардын бири – бир чөлкөмдүн, чоң аймактын башкаруучусу. *Эл бегиси Эламан* («Манас» С.О.).

**ЭЛ БОЛУУ** Ынтымакка келүү, тилектеш болуу, касташпоо, жоолашпоо. *Эл бол десем эл болдуң Эзел жок менин арманым* («Курманбек»).

**ЭЛ КАЙДА КӨЧӨТ** Майда-майда темгил тактары бар кызыл, сары түстүү кичинекей коңуз.

**ЭЛ КАРАГАН БЕТИ ЖЕР КАРОО** Катуу уят болуу, уятка калуу. *Не деген киши эле. Эл караган бети жер карады, турмушу да курусунчу, – деп көрүп тургандар абдан кейиди* («Ала-Тоо»). **В.: Эл караган жүзүн жер каратуу.** *Эл караган жүзүмдү жер каратпагылачы! – деп жиберди* (Осмоналиев). *Элибиздин эл караган жүзүн жер каратабыз десеңер өз эркиңер!* (Медетов).

**ЭЛ КАТАРЫНА КОШУЛУУ** Турмушшарты оңолуп өйдөлөй баштоо, элге аралашуу, элге теңелүү. *Акыры мен эл катарына кошулдум* (Жусупов).

**ЭЛ КОМИССАРИАТЫ** Министирликтер уюшулганга чейин (1917–1946-жылдарда) СССРдеги чарбалык, маданий, согуштук иштердин айрым тармактарын башкаруунун мамлекеттик борбордук органы. *XIII Съезд Ички соода эл комиссариатын түзүүнү жактырды* («Ала-Тоо»).

**ЭЛ КӨЗҮНӨ** Башкалар ушундай экен го деп түшүнсүн, ушундай деп ойлосун деген максатта сыр алдырбоо аракетин билдирүүдө колдонулат. *Байымбет эл көзүнө эчтекени элебегендей тымызын мемиреп, …булардын көксөөсүн суутуу максатын көздөдү* (Бейшеналиев). **В.: Душман көзүнө.** *Душман көзүнө ошондой кыла туруш керек деди* («Ала-Тоо»). **Журт көзүнө.** *Айла канча, жашынын, тагынын улуулугун сыйлап, журт көзүнө зорго сыртка чыгара албай ичинен кайра зиркилдөөдө* (Бейшеналиев).

**ЭЛ ООЗУ ЭЛЕК** Элде ар кандай сөздөр боло бериши мүмкүн, көпчүлүктө ар кандай сөздөр боло берет деген мааниде колдонулат. *Айтор эл оозу элек эмеспи, кандай десе ошо десин, деги ишиңди айтчы* (Ашымбаев). *Эл оозу элек, андан көптү да айтышы мүмкүн* (Жантөшев). **В.: Эл оозунда элек жок.** *Тантыбасаңчы, эл оозунда элек жок дейт* (Тойбаев). *Эл оозунда элек жок, Элден ушак кеп угуп* («Эр Төштүк»).

**ЭЛ ООЗУНА АЛЫНУУ** *к.* **оозго кирүү.**

**ЭЛ ООЗУНА КИРҮҮ** *к.* **оозго кирүү.**

**ЭЛ ОРУНГА ОТУРУУ** Кеч кирип, караңгылык толук өкүм сүрүп, элдин баары жайланышып, жай-жайына отуруп калган маал, учур деген сыяктуу убакыт маанисинде колдонулат. *Адылбек үйгө келгенде каш карайып, эл орунга отуруп калган эле* (Өмүрбаев). *Кулжан эл орунга отурганда үйүнө келди* (Байтемиров).

**ЭЛ ЭМЕС** Жоо, каршы, душман. *Шыгайдын уулу Чынкожо, Семетей сага эл эмес* («Семетей»).

**ЭЛ ЭЭСИ** Элдин башкаруучусу, элдин жетекчиси маанилеринде. *Мен эл ээси эмес, мал ээси* («Манас» С.О.).

**ЭЛАН** Жарыя. Кулактандыруу. *Эгер кармай албаса башы өлүмдө, малы таланды деп элан берди* («Эл адабияты»). *Элан келсе бир жактан, Эрте жетсең – жигиттик* (Барпы).

**ЭЛБЕҢ-ДЕЛБЕҢ** Калдандаган, жеңил, шашма кыймыл. *Ал элбең-далбаң этип жетип келди.*

**ЭЛБИЙ-СЕЛБИЙ** Акырындан, аздан. *Аянычтуу буюмдарын алып, унааларга элбий-селбий жүктөштү. Атын элбий-селбий камчылап абышка да келди…*

**ЭЛБИРЕ** Ичи эзилип жакшы көрүү. *Элбиреп жандүйнөм эзилип, эмчегим ийип турат* (Сыдыкбеков).

**ЭЛГЕ** **эле II** менен бирдей.

**ЭЛГЕК** **элек I** менен бирдей.

**ЭЛДЕН МУРДА** Эң мурда, адегенде. *Элден мурда бул ишти бүтүрө коёлу, анан жай сүйлөшөлү* («Ала-Тоо»). **В.: Эл асты** *Эл асты болуп биз келиптирбиз.*

**ЭЛДЕН МУРУН** Баарынан мурун; а дегенде, ириде.

**ЭЛДЕН ЧЫГУУ** Эч кимге кошула албай четтеп калуу, элден бөлүнүп калуу. *Сөзүңөр өтпөй эч кимге элден чыгып калбаңар* (Жантөшев). **В.: Элге батпоо.** *Ал өзү ошондой орду жок неме, элге батпай калды* («Ала-Тоо»).

**ЭЛДЕШ** Жоолашкан, касташып, урушуп калган боюнча жүрбөй, өз ара таарынычын жазып, эл болуу, жарашуу, ынтымакка келүү. *Биз дүйнөдө жокту курабыз, Ким элдешсе, мээрим колду сунабыз* (Токомбаев).

**ЭЛДЕШТИР** **элдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛДЕШҮҮ** **элдеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛДИК** Элге, эмгекчи калкка таандык, элдин кызыкчылыгын көздөгөн. *Нагыз элдик обон менен ырдады* (Сыдыкбеков). *Элдик наркты менин кымбат карыям, Эң биринчи сен аркылуу таанығам* (Байгазиев). *Элдик оозеки чыгарма. Элдик аскер. Элдик текшерүү.*

**ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА** *пед.* Элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн жан оюнчуктарда сакталган педагогика идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму.

**ЭЛДИН БААРЫ ТУУ САРЫ** Төрт түлүгү шай, баары жетиштүү деген мааниде.

**ЭЛДИН БЕТИН КАРАЙ АЛБОО** Катуу уят болуп, сынып, элден четтеп калуу. *Ал бечара баласынын азабынан элдин бетин карай албай калды* («Чалкан»).

**ЭЛДИР** 1. Анча-мынча, чала-була. *Андасанда элдир сүйлөп козголду.*

**ЭЛДИР-СЕЛДИР** **элдир** менен бирдей. *Элдир-селдир сөзүнө, Эзилип кетип барамын* (фольк.). *Анда-санда элдир-селдир эсине келип, кайра эстен танат* (Касымбеков).

**ЭЛДИРЕ** **делдире** менен бирдей. *Карайлап жүрүп элдиреп, калк табалбай келди деп* (фольк.).

**ЭЛДҮҮ** Эли, журту, ата мекени бар. *Элдүү киши чоң экен, Элинен азган кор экен* («Манас»).

**ЭЛЕ I** 1. Электи же калбырды экчеп, унталканды, эгинди ж.б. кебегинен тазалоо, ажыратуу, бөлүү; иргөө. *Ун элеп жатат. Кум эледи. Калбырга буудайды элей кой.* 2. Өйдө ыргытылган же ыргыган нерсени (мис, чикитти, топту) жерге түшүрбөй тосуп алуу; ургулап саноо. *Балдар чикит ойнор алдында элешип, ким көп элесе ошонусу оюнду баштачу* (Мидин). 3. Эшилме кум, топурактын шамалдан, өткөн-кеткендердин басканынан улам майдасы өзүнчө, кесеги өзүнчө бөлүнүп, эленген сыяктуу көрүнүшү. *Кыртыштар таман алдында Эленет миң бир өлчөнүп* (Буларкиева).

**ЭЛЕ II** Башка сөздөр менен айкалышып, чектөө маанисинде колдонулат. *Үч эле күн илгери өзү кеткен* (Сыдыкбеков).

**ЭЛЕ III** Негизги этиш менен же башка атооч сөздөр менен кошо айтылуучу көмөкчү этиш. *Барган элем. Келген эле. Айланайын Күлүсүн, Медер эле жүрүшүң* (Калык).

**ЭЛЕБЕЙ** Байкабай, бейкапар, байкоосуз.

**ЭЛЕВАТОР** 1. Эгин топтоочу пункттарда, темир жол станцияларында, порттордо ж.б. жерлерде кургатуу, тазалоо, жүктөө сыяктуу иштерди кошо аткарууга ылайыкталып курулган ири эгин сактагыч жай. 2. Жүктү бир жерден экинчи бир жерге көтөрүүчү, ташып салуучу техникалык түзүлүш.

**ЭЛЕГЕЙ** Оозун ачкан.

**ЭЛЕГИСТ** Элегия жазган акын.

**ЭЛЕГИЯ** *адаб.* 1. Санаалуу, капалуу кыял менен жазылган, чыгарылган лирикалык ыр. *Ала-Тоо жөнүндө элегия* (Байгазиев). 2. *муз.* Санаалуу, кайгылуу ойго салып, муңкануу сезимин туудуруучу музыкалык чыгарма.

**ЭЛЕЙ** Таңыркап, селейип, таң калып карoo, туруп калуу. *Корккон эчкидей элейип токтой калды* (Сыдыкбеков).

**ЭЛЕЙҮҮ** **элей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛЕК I** 1. Эң майда нерселерди (мис. ун, талканды) элөө, суюктуктарды чыпкалоо үчүн көбүнчө кылдан, ичке сымдан токулган, тегерек алкагы бар үй буюму. *Унду элек менен элеп жатты.* 2. *өт.* Турмуштун сыноосу. *Ээ балам, бул жашка келгенче канча электен өтпөдүм дейсиң* («Кыргызстан аялдары»). *Жакында жазуучу Насирдин Байтемировдун «Турмуш элеги» аттуу романы жарык көрдү* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭЛЕК II** Этиш сөзгө кошулуп айтылып, иштин али чечилбегендигин, кыймыл аракеттин толук аяктала электигин көрсөтүү үчүн колдонулат. *Кыпчактардын Солтобай, Кыз ала элек кайындап* («Олжобай менен Кишимжан). *Ал бара элек. Иш бүтө элек.*

**ЭЛЕКТЕН** Жыбыр, быдыр менен капталып калуу. *Көл үстү электенди.*

**ЭЛЕКТЕН ӨТҮҮ** Чоң сыноодон, далай кыйынчылыктардан өтүү, абдан сыналуу. *Сасыкбай далай электен өткөн киши* (Байтемиров).

**ЭЛЕКТОРАТ** *саяс.* Өлкөдөгү бардык саясий укуктарды жана эркиндиктерди пайдаланган, шайлоочу жарандардын жыйындысы.

**ЭЛЕКТР** 1. Материянын бөлүкчөлөрүнүн (электрондордун, позитрондордун) кыймылынан пайда болгон энергиянын бир формасы, кубаты, күчү. *Электр тогу. Электр заряды.* 2. Ушундай энергиянын эл чарбасында, үй тиричилигинде колдонулган бир формасы. *Ал жерде электр балбылдап күйүп, чар тарапка нурун чачты* (Турусбеков). *Электр шам, жаркырап күй бер сен, Жарыгымды уурдаган о жарыгым* (Байгазиев).

**ЭЛЕКТР-ФРЕЗА** *а.ч.* Жылытылма, парник жана парниктүү аянтча жерлериндеги кыртышты текши иштетүүчү машина.

**ЭЛЕКТРИК** 1. Электротехник. *Тамара электрик уста эмес* (Бөкөнбаев). 2. Электротехника жагында, электр өнөр жайында иштеген адис.

**ЭЛЕКТРИФИКАЦИЯ** **электрлештирүү** менен бирдей.

**ЭЛЕКТРИЧКА** *сүйл.* Электр темир жолу жана ошол жол менен жүрүүчү поезд.

**ЭЛЕКТРЛЕШ** Электр энергиясын өткөрүү, аны чарбачылыкка, үй тиричилигине киргизүү, жабдуу, кеңири жайылтуу.

**ЭЛЕКТРЛЕШТИР** **электрлеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ** **электрлештир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛЕКТРЛҮҮ** 1. Электр энергиясы бар, электр менен жабдылган, электрлештирилген. 2. Электр жарыгы бар. *Кошулдук, турмуш болду, өттү күндөр, Бак ичи электрлүү-шаңдуу түндөр* (Маликов).

**ЭЛЕКТРОВОЗ** Электр энергиясы менен жүрүүчү, кыймылга келүүчү локомотив.

**ЭЛЕКТРОМАШИНА** Электр энергиясын иштеп чыгуучу же аны механикалык энергияга айландыруучу машина.

**ЭЛЕКТРОМЕХАНИК** Электромеханика боюнча адис.

**ЭЛЕКТРОМЕХАНИКА** Электр энергиясы менен иштөөчү электр кыймылдаткычтарын, электр машиналарын, механизмдерин куруу жана эксплуатациялоо иштерин жүргүзүүчү электротехниканын бөлүмү.

**ЭЛЕКТРОМОНТЁР** Ар кандай электр приборлорун, жабдууларын, шаймандарын орнотуучу, ондоочу монтёр, адис.

**ЭЛЕКТРОМОТОР** Электр кыймылдаткыч.

**ЭЛЕКТРОН** Заттын терс электр заряды бар эң кичине элементардык бөлүкчөсү.

**ЭЛЕКТРОНДУК КИТЕП** *инф.* Китептердин, басылма адабияттардын электрондук түрү.

**ЭЛЕКТРОНДУК ПОЧТА** *инф.* Программдык жабдык кат-кабарларды башка компьютерге жиберүүгө жана башка компьютерден алуу мүмкүнчүлүгү.

**ЭЛЕКТРОНИКА** Электрон процесстери жана ошондой эле электрондук жабдуулар

жөнүндөгү физиканын атайын бөлүмү.

**ЭЛЕКТРОПОЕЗД** Электр энергиясы менен жүрүүчү поезд.

**ЭЛЕКТРОПРИБОР** Электр энергиясы менен иштетилүүчү прибор.

**ЭЛЕКТРОСВАРКА** Электр тогу менен эки металлды ширетүү.

**ЭЛЕКТРОСВАРЩИК** Электр тогу менен ширеткич киши, электросварка боюнча адис.

**ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ** Электр энергиясын иштеп чыгаруучу станция. *Бизде биринчи жолу өнөр жайында колдонулуучу атомдук электростанция курулду.*

**ЭЛЕКТРОТЕХНИК** Электротехника боюнча адис.

**ЭЛЕКТРОТЕХНИКА** Электр энергиясын практикалык максаттарга колдонуу, пайдалануу жөнүндөгү илим жана электр энергиясын практикалык максаттарга ылайык пайдалануу техникасынын бир тармагы.

**ЭЛЕКТРОХИМИЯ** Физикалык химиянын бир бөлүмү; бул – электр тогунун аракети менен пайда болуучу химиялык процесстерди, жана дагы химиялык процесс аркылуу пайда болуучу кубулуштарды изилдейт.

**ЭЛЕКЧИ** Элек жасоочу киши. *Эки жыгач боорунан Эптеп алган элекчи* (Токтогул).

**ЭЛЕМЕНТ** 1. Татаал бир бүтүндүктүн курамдык бөлүгү. *Пейзаждык сүрөттөөлөр көркөм чыгарманын маанилүү элементтеринин бири.* 2. Бир нерсенин башталгыч негизи. *Кыргыздын таланттуу төкмө акындары Токтогул, Тоголок Молдо. Жеңижок, Барпылардын чыгармаларында жер, суу, от, аба – жаратылыштын негизин түзүүчү элементтери экендиги жөнүндө натурфилософиялык көз караштары камтылган.* 3. Жөнөкөй химиялык жол менен курамдык бөлүккө ажыратылбай турган зат. *Элементтердин мезгилдик системасы.* 4. *өт.* Кандайдыр бир коомдук чөйрөнүн өкүлү. *Коомдун прогрессивдүү элементтери.*

**ЭЛЕМЕНТАРДЫК** 1. Баштапкы, алгачкы, негизине гана тийиштүү. 2. Жөнөкөй, баарыга түшүнүктүү, өзүнөн өзү белгилүү, түшүндүрүүнү керек кылбай турган.

**ЭЛЕН** **эле** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭЛЕҢ-ЭЛЕҢ** Чочугандай, корккондой болуп аландоо. *Элең-элең улам арт жагын карап коёт.*

**ЭЛЕҢДЕ** Чочугандай, корккондой же шектенгендей түр менен алактоо, аландап кароо. *Батыштын чый-пыйы чыгып, Элеңдеп жол жакты карайт* (Байтемиров). *Дайым жүрөт жашынып, Эки жакка элеңдеп* (Тоголок Молдо). *Улам карап туш-тарапты элеңдеп, Айтар сөздү миң кайталап белендеп* (Кожомбердиев).

**ЭЛЕҢДЕТ** **элеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛЕҢДЕШ** **элеңде** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛЕНДИ** Элегенде электен түшкөн кум, ун, таш ж.б.

**ЭЛЕҢДӨӨ** **элеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛЕП** *диал.* Токтоно албай койгондук. *Элеп болуп жүрөгүм, Эмгиче күйүп жүрөмүн* (Эл ырлары).

**ЭЛЕП-ЖЕЛЕП** Толкундануу, чыдамсыздануу. *Толкундап, чыдамсызданып, жүрөгүм элеп-желеп эле болот.*

**ЭЛЕС** Кандайдыр бир нерсенин, окуянын, иштин ж.б. сөлөкөтү, көз алдыга тартылган, ой аркылуу чагылган көрүнүшү; образ. *Элестериң эстен кетпейт, Кашка суу, жашыл бакчаң, салкын абаң* (Осмонов). *Жолдон чыккан жылан Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков).

**ЭЛЕС АЛБОО** Назар салбоо, анча көңүл бөлбөө, байкабоо. *Эмил келинге бир карап койду да, анча элес алган жок* (Сыдыкбеков). *Баланын бой жетип калганын анча элес албай жүргөн турбайбызбы, – деп ата-энеси бир топко кобурашып отурду.* **В.: Элес кылбоо.** *Эне сөзүн Үмөтөй элес кылып койгон жок* («Семетей»).

**ЭЛЕС-БУЛАС** Ачык эмес, даана эмес; күңүрт, билинер-билинбес. *Элес-булас бир караан Эми Жакып көрүптүр* («Манас»). *Элес-булас элестериң көрүнүп, Эски күндөр тереземди чертпегин* (Акматбекова).

**ЭЛЕСТЕ** Бир нерсенин элесин ойго, көз алдыга тартылтуу, көз алдыга келтирүү, эске түшүрүү. *Каныбек атасы Сансыздын таяк жеп келип өлгөнүн элестеди* (Жантөшев).

**ЭЛЕСТЕЛ** **элесте** этишинин туюк мамилеси.

**ЭЛЕСТЕН** **элесте** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭЛЕСТЕТ** **элесте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛЕСТЕТҮҮ** **элестет** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛЕСТЕШ** **элесте** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛЕСТӨӨ** **элесте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛЕСТҮҮ** 1. Кандайдыр бир көрүнүштүн көз алдыга көрсөтмөлүү, жандуу тартылышы. 2. Адабиятта, искусстводо көркөм образдуу чагылдыруу. *Аалы Токомбаевдин чыгармаларынын элестүү, көркөм болушу анын жетишкендиги* («Кыргызстан маданияты»).

**ЭЛЕТ I** Шаардан алыс, чет жака, айыл, кыштак жеры, анын калкы. *Эжигей, быштак, куруту, Элет көчмөн турмушу, Каймак майы карында, Касиети жанында* (Тоголок Молдо). *Анда олтургандар элеттен шаарга окууга бараткан жаштар болсо керек эле* (Сыдыкбеков). *Аскердей тизилишкен теректери, Сонун го качан барсаң элет жери* (Арыков).

**ЭЛЕТТИК** Элетте жашаган; элетке таандык. *Мыскалдын кийгендери элеттик үлгүдө эмес* (Сыдыкбеков). *Экөөбүз бирдей элеттик Талашып палкан жеп өстүк* (Сарногоев).

**ЭЛЕЧЕК** Ак кездемеден тегерете кат-кат

кылып оролгон аялдардын баш кийими. *Ак байбиче Чыйырды Ак элечек оронуп* («Манас»). *Элечектей агарып, Мөңгүсү сонун көрүнөт* (Казыбек). *Сыя эне да элечегин алып, кеп такыясын ээгинен чалып жеңилденди* (Бейшеналиев). *Туура тарткы күмүштөн, элечекке тагышып* («Эл адабияты»). *Элечектей агарып, Мөңгүсү сонун көрүнөт* (Казыбек).

**ЭЛЕЧЕК АКЫ** Күйөөнүн кайын энесине (кыздын энесине) берген белеги.

**ЭЛЖИРЕ** Ичи эзиле жакшы көрүү; мээримдүү мамиле кылуу. *Элжиресин эт жүрөк, Бийик чыгар добушту* (Үмөталиев). *Катуу мүнөз карыя эмнегедир ушул кичүү уул небересин ичи элжиреп бөтөнчө жакшы көрөт.*

**ЭЛЖИРЕТ элжире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛЖИРЕШ элжире** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛЖИРӨӨ элжире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛИ** Сөөмөй, ортон ж.б. манжалардын жоондугундай, эниндей болгон өлчөм. *Согумдун казысы төрт эли чыгыптыр* (Мидин).

**ЭЛИК** Ача туяктуу, артында таңы бар, буту-колу ичке, сындуу кийиктин бир түрү. *Бугусу кирип чакырган, Элиги черде бакырган* (Токтогул). *Тоолору толо кийиктер, Белесин оттойт эликтер* (Чойбекова).

**ЭЛИК СҮТҮН БЕРҮҮ** Өзү төрөбөсө да өзү төрөгөндөй, өз баласындай асыроо, өздөй кылып багып өстүрүү, өз балам деп саноо. *Алым – Айшанын элик сүтүн берип баккан баласы* (Жантөшев). *Мына, энелери, бириң кызды төрөп ак сүтүңдү берсең, калганың элик сүтүңөрдү бердиңер* (Өгөбаев). **В.: Эмчек сүтүн бербесе да, элик сүтүн берүү.** *Эмчек сүтүн бербесе да, элик сүтүн берип, алпечтеп өстүргөн Зарылбүсүнөн эне менен ата карыш ажырагысы келбейт* (Өмүрбаев).

**ЭЛИКСИР** 1. Адамдын өмүрүн узартуучу кереметтүү суусундук. 2. Медицинада, косметикада колдонулуучу спирт, кислота кошулган суюктук, тундурма.

**ЭЛИКТЕ** Биреөнү шылдыңдап туурап же бети-башын кыймылдатып мыскылдоо. *Эликтеп, туурап мыскылдап, Башыңды неге ийесиң* (Токомбаев). *Кыздын арсызды эликтеген шылдың күлкүсү эле* (Сыдыкбеков).

**ЭЛИКТЕШ эликте** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛИКТӨӨ эликте II** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛИПСИС** Башка сөздүн кырдаалынан белгилүү болуп турган сөздү түшүрүп айтуу. Мисалы, менин китебим – китебим, ал келди – келди ж.б.

**ЭЛИР** 1. Ээлигүү, жээлигүү; токтоно албоо, жулкунуу; чарчабоо. *Күлүк талбаган Сууган сайын элирген* (Үмөталиев). *Кой, Тору, элирбе, Тору жаман дедирбе* (Осмонов). *Тулпардай түйлап элирип, Түбүндө агат кашка суу* (Чойбекова). 2. Шаттануу, кубануу, толкундоо. *Эл четине келгенде, Элиришке мен кызык* (Токтогул). *Элирбейт кимдин жүрөгү, Энеден белек барганда* (Маликов). 3. Элирмеси кармоо. *Оорулуу неме элирип кетти го* (Жантөшев). 4. Эсирүү, эсиркөө, шоктонуу, тентектенүү. *Жакшы кийсең, жаш балдар, Көйрөңдөнүп элирбе* (Токтогул). *Балалык кылып элирбе* (Осмонкул). *Капа болуп сабылам, Элирген эпсиз болгон соң* (Казыбек).

**ЭЛИРИШ элир** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛИРМЕ** Уктап жатканда бакыртып, кыйкыртып тынчын кетирүүчү, туруп бастыруучу оору. *Элирмеси бар, түн ичинде элирип кетет.*

**ЭЛИРМЕЛҮҮ** Түшүндө кыйкырып, сүйлөнгөн адам. 2. Абдан толкундануу. 3. Уктаганда туруп кетүүчү, элирме оорусу бар адам.

**ЭЛИРТ элир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛИРҮҮ элир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛИТА** 1. *а.ч.* Селекциянын негизинде тандалып алынып, өстүрүү же көбөйтүлүүчү мыкты үрөн, өсүмдүк же мал. 2. Кеңири мааниде ар кандай социалдык, этностук, кесиптик топтун мыктылары, лидерлери.

**ЭЛКИН** 1. Түгөйү жок, жалгыз, жеке, жалгыз өзү. *Энеден элкин сен элең Эркелеткен мен элем* (Мидин). *Эл ичинен эр чыктың, Элкин жолборс шер чыктың* («Эр Табылды»). 2. Ээн, бош, ээн-эркин. *Ээн калып Таласың, Элкин жерлер болгондур* («Манас»). *Басып адам келбеген Элкин экен жерлери* («Манас»).

**ЭЛКИНДИК** Түгөйү жоктук, жуп эместик, жалгыздык, жекелик.

**ЭЛӨӨ эле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛӨӨРҮ** Аябай тынчы кетип, бир орунга тура албай кызыгуу, эмне кылаарын билбей кайпактоо, кумарлана берүү. *Эшикке чыкты элөөрүп, эриккендей делөөрүп* (фольк.).

**ЭЛӨӨСҮЗ** Байкабастан, көңүл бурбастан, көңүл койбостон. *Элөөсүз өтүп кеттим.*

**ЭЛӨӨСҮЗДҮК** Көңүл бурбагандык, көңүл коштук. *Кеп – булардын кара мүртөздүгүндө, таш боордугунда, алардын элөөсүздүгүндө.*

**ЭЛПЕК I** *аңч.* Капкан.

**ЭЛПЕК II** Ийкемдүү, бурган жакка кеткен, оозу жумшак (мис. жылкыга же башкарып, башын буруп жүрүүгө туура келген башка унааларга карата); дилгирлик менен аракеттенген, жеңил, шамдагай (мис. адамга карата), тил алгыч, кичи пейил. *Алдында минген жапалдаш кара кер ат мышыктай элпек жылкы экен* (Сыдыкбеков). *Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт* (Бейшеналиев). *Шофер рулду элпек тегеретип, машинаны эркин башкарат* («Ала-Тоо»). – *Турмушуна, кыял-жоругуна, сөзүнө караганда элпек, тил алгыч, ак көңүл адам экен* («Кыргыз Туусу»).

**ЭЛПЕКСИН** Элпектик кылууга окшоп көрүнүү.

**ЭЛПЕКТЕН** Элпектик көрсөтүү.

**ЭЛПЕКТЕНИШ** **элпектен** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛПИЛДЕ-ЖЕЛПИЛДЕ** Кубангандыкты, жеңилдикти, сүйүнгөндүктү, көңүл бургандыкты көрсөтүү. *Тим эле элпилдеп-желпилдеп кызмат кылып, буту-бутуна тийбей чуркап жүрөт...*

**ЭЛТЕБЕР** Орто кылымдагы түрк элдеринин мансап наамы.

**ЭЛТЕЙ** **элей** менен бирдей. *Артынан элтейип карап кала берди.*

**ЭЛТЕК-СЕЛТЕК (элтек-телтек)** Элт-селт этип, тынчы кетип, ары-бери урунуп, кыйшалактап орунсуз иш кылуу. *Күзгүгө бир каранат, бир таранат, чалпоодой кыялы бар элтек-селтек* (фольк.). *Элтек-селтек этпей, орундуу бир иш кылсаң боло* (Бобулов).

**ЭЛТЕҢ** Чочуп, коркуп кеткендеги кыймыл. Эки жагын карана бергендик. *Арыстан көргөн эмедей, элтең этти Семетей* («Семетей»).

**ЭЛТЕҢ-СЕЛТЕҢ ЭТҮҮ** Чочулап элеңдөө, эки жагын тез-тез карануу, бир нерседен кооптонгондой болуу. *Караңгыда сербеңдеп, элтең-селтең этип шашып, анда-санда желип коюп келатат* (Сыдыкбеков).

**ЭЛТЕҢ УРУП** Чочуп, селт этип.

**ЭЛТЕҢДЕ** Чочулаган же корккон түр менен эки жагын элеңдеп кароо, чочулаган, элеңдеген абалда болуу. *Динар эки жагына элтеңдеп, кээде бир тынымга токтой калат* (Сыдыкбеков).

**ЭЛТЕҢДЕТ** **элтеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЛТЕҢДЕШ** **элтеңде** этишинин кош мамилеси.

**ЭЛТЕҢДӨӨ** **элтеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЛТКЕН** Тийген. Күн тийген деген мааниде. *Жаткан далай орундар, улуу тоодон күн элткен* (Молдо Кылыч).

**ЭЛҮҮ** 50 саны, эсеби. *Бул жетимдин атасы да кары эле, Эл ортону элүү жашта бар эле* (Токомбаев).

**ЭЛҮҮ БАШЫ** 1. Элүү аскердин башчысы. *Он башылар ороктоп, Элүү башы кожоктоп* («Манас»). 2. Элүү түтүндү, үйдү башкарган адамдын мансабы, бийлиги жана ушундай бийликтеги адам. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген кор башы* (Токтогул).

**ЭЛҮҮНЧҮ** Элүүнүн иреттик саны.

**ЭЛЧАБАР** Балдардын оюнунун аты.

**ЭЛЧИ** 1. Бир тараптын экинчи бир тарап менен жарашуу, элдешүү, сүйлөшүү ж.б. иштерин жүргүзүүчү ишенимдүү адам, өкүл. *Элден тандап элчи алып* («Манас»). 2. Бир мамлекет менен экинчи мамлекеттин эл аралык байланышын ишке ашыруучу, аны тескөөчү толук ыйгарым укуктуу адам. *Чогулушта Кыргызстандын Түркиядагы элчиси сөз сүйлөдү.*

**ЭЛЧИЛЕ** Элге, башкаларга окшош, ошолорду тууроо. *Элчилеп эркелеп ойноп, күлбөдүк* («Эркин Тоо»).

**ЭЛЧИЛИК** Элчинин милдети, элчинин милдетин аткаруучулук. *Мен элчимин, Элчиликке өлүм жок* («Эр Табылды»).

**ЭМ I** Эски ишеним боюнча: ооруга жагуучу, аны айыктыруучу даба, амал, айла; анын каражаттары. *Эми түшүү. Оорунун эми табылбады.*

**ЭМ II** Эмчек же упчу соруу; тамактануу. *Ак мамаңды аймалап, Эмдим эле апаке* («Ала-Тоо»). *Талаада музоо эмип кетсе, үйдө сүтүнө ит тиет* (лакап).

**ЭМ-ДОМ** Ырым-жырым.

**ЭМ-ДОМ ЫРЛАРЫ** *адаб. к.* **ырым-дарым ырлары.**

**ЭМАЛЬ** 1. Металл буюмдардын ичи-сыртын чайкап, дат басуудан сактоо жана коодоо үчүн колдонулган, катканда жылмакай болуп калуучу сыр, зат. 2. Тиштин сырткы жылтырак кабыгы.

**ЭМАНСИПАЦИЯ** Көз карандылыктан, басынгандыктан, ар кандай эзүүлөрдөн кутулуу, өз алдынчалыкты жана тең укуктуулукту алуу.

**ЭМБАРГО** 1. Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке чет мамлекеттик товарларды, баалуу нерселерди ташып чыгуу же ташып кирүүгө тыюу салуу. 2. Чет мамлекеттин мүлкүн кармап алуу, көбүнчө башка бир өлкөнүн кемелерин портко кирүүгө же башка өлкөлөрдүн кемелеринин өз портторунан чыгуусуна тыюу салуу.

**ЭМБЛЕМА** Кандайдыр бир идеяны билдирген символдук сүрөт, шарттуу белги.

**ЭМБРИОЛОГ** Эмбриология боюнча адис.

**ЭМБРИОЛОГИЯ** *мед.* Түйүлдүк жана анын өөрчүш стадияларын изилдөө жөнүндө илим.

**ЭМБРИОН** *биол.* Түйүлдүк.

**ЭМГЕГИ СИҢГЕН** Көп эмгектенген, көптөн бери иштеген, көп жылдык иши менен таанылган, ардактуу, кадырлуу. *Эмгеги сиңген мугалим. Эмгеги сиңген артист.*

**ЭМГЕК I** Эмчектеги жаш баланын маңдайы менен төбөсүнүн ортосундагы ката элек, былкылдап туруучу жери. *Сылап көрсө баланын, Былкылдап турат эмгеги* (Тоголок Молдо).

**ЭМГЕК II** 1. Акыл-эстин, күч-кубаттын жумшалышы аркылуу белгилүү максатка ылайык жүргүзүлгөн иш аракети, жумуш, адамдын ишмердүүлүк сапатынын белгиси. *Эгин айдап мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул). *Эмгек – эрдин көркү, эр – элдин көркү* (макал). *Чыңгызча эгер эмгек кылсак баарыбыз, Мекенибиз Чыңгызга окшоп, дүйнөлүк океанда сүзбөйт беле кемедей* (Байгазиев). *Акыл эмгеги. Күч эмгеги.* 2. Жазылган, иштелген же басып чыгарылган чыгарма, изилдөө иши, китеп. *Көргөзмөгө окумуштуунун илимий, публицистикалык эмгектери коюлган.*

**ЭМГЕК АКЫ** Иштеген ишине, аткарган

жумушуна ылайык төлөнүүчү акча, акы. *Эски убакта шахтёрлор эмгек акыга да жарыган эмес* (Сасыкбаев).

**ЭМГЕК КҮН** *тар.* Колхозчунун бир күндө аткаруучу жумушунун нормасы коюлуп, аткарган иши. *Арбын эмгек күндөрдү, Таап турган кезеги* (Тоголок Молдо). *Он айда иштегениң кырк эмгек күн, Жалкоого кыз айтабы тиемин деп* (Үмөталиев). *Баса, элиңер эмгек күндөрүнө эгинин алып бүтүштүбү* (Байтемиров).

**ЭМГЕК ӨРГҮҮСҮ** *укук* Бул өргүү жыл сайын жумушчунун эс алышы жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн калыбына, ден соолугун чыңдоо ж.б жеке муктаждыктары үчүн берилет.

**ЭМГЕК ЫРЛАРЫ** *адаб.* Элдик оозеки адабиятындагы эмгек процессинин жүрүшүндө ырдалуучу эмгекти жеңилдетүү, демөөр берүү максатындагы, о.э. эмгектин натыйжасына карата адамдардын үмүт-тилегин чагылдырган лирикалык мүнөздөгү ырлар.

**ЭМГЕКТЕ** Төрт аяктап жылуу (буту баса элек балдарга карата). *Орусбек төрт аяктап эмгектеп жүрөт* (Сыдыкбеков).

**ЭМГЕКТЕН** Эмгек кылуу, иштөө, жумуш кылуу. *Эл алдында эмгектенген, тынбаган* (Нуркамал).

**ЭМГЕКТЕНИШ** **эмгектен** этишинин кош мамилеси.

**ЭМГЕКТЕНТ** **эмгектен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭМГЕКТЕНҮҮ** **эмгектен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭМГЕКТЕШ** Бирге иштешкен, бирге эмгектенишкен, эмгеги бирге, биргелешип иштешкен. *Андрей бирге иштеген эмгектештеринин кучагынан араң бошонуп, трибунага жакындады* (Сасыкбаев).

**ЭМГЕКЧИ** Өз эмгеги менен күн көргөн, эмгекти сүйгөн, эмгек кылган адам, жумушчу-дыйкан. *Эмгекчиге эрк бербей, Жетим менен жесирди Желмогуздар талайбы* (Токтогул). *Эмгекчилер бирик деп, Элге ураан таралган* (Тоголок Молдо).

**ЭМГЕКЧИЛ** Эмгекти сүйгөн; өз эмгеги менен жашаган, эмгекти ардактаган. *Падышаны тактан кулаткан, Эркин берип колуна, Эмгекчил элин кубанткан* (Осмонкул).

**ЭМГИЗ** **эмиз** менен бирдей.

**ЭМГИЧЕ** Али, ушул убакка чейин, ушул кезге чейин, эмдигиче. *Атай эмгиче уктап жатабы?* (Бейшеналиев).

**ЭМДЕ** 1. Ооруга жагып, аны айыктырып кетүүгө тийиш деген түшүнүктөгү табыпчылык, дарымчылык амал-айлаларды колдонуу. *Эмчилер эмдеп, домчулар домдоп, ооруну айыктырууга аракеттенишет* (Жантөшев). 2. Чечекке ж.б. ооруларга каршы алдын ала дарылоо, эм кылуу. *Балдарды чечекке каршы эмдеди* (Токомбаев).

**ЭМДЕП-ДОМДОП КОЮУ** Тартипке чакырып какыс-кукус кылуу, уруп коюу. *Жан алгычтар эмдеп-домдоп коюшту* (Токомбаев). *– Жөн кой, андан эч нерсе болбойт. Энеси эмдеп-домдоп койду окшойт. Мындан кийин андай тентектик кылбайт* («Чалкан»).

**ЭМДЕТ** **эмде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭМДЕТИШ** **эмдет** этишинин кош мамилеси.

**ЭМДИ: кысыр эмди** Энесин кысыр калгандан кийин да ээмп жүргөн же эки эне эмген тай же торпок. *Эки энени тел эмген Кысыр эмди тайды сой* (Барпы).

**ЭМДИГЕ** **эмгиче** менен бирдей. *Кубандын жалындуу сөзү эмдиге эсимде.*

**ЭМДИГИ** 1. Азыркы, ушул кездеги, ушул учурдагы, азыркы замандагы. *Эмдигинин балдары бара-бара балыкка тил киргизеби деп корком* (Сыдыкбеков). 2. Келерки, соңку, кийинки. *Эмдиги жылы айталы Эстеги сөздүн калганын* (Маликов).

**ЭМДИГИЧЕ** **эмгиче** менен бирдей.

**ЭМДИК** Кызуу кандуу, чаптөөс, ачуусу чукул. *Эмдик киши. Эмдик боз минсең оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт* (макал).

**ЭМДӨӨ** Адамга жана жаныбарга оору жуктурбоо максатында вакцинаны денесине көпчүлүгү укол аркылуу жиберүү. Ооруну кабыл албоо иммунитетин пайда кылуу.

**ЭМДӨӨ** **эмде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭМДҮҮ** Таасирдүү, иштиктүү, өтүмдүү. *Беттешкен жоого белдүүңөр, айтаарга сөзү эмдүүлөр* (фольк.).

**ЭМЕ** *сүйл.* Унутуп, атын таппай калган нерсенин ордуна айтылуучу сөз.

**ЭМЕРЕК** Жыгачтан ж.б. жасалган үй жана кеңсе буюмдары, мүлк. *Үйдөгү эмеректер өзү ireттеп кеткен калыбында* («Ала-Тоо»). *Анархандын эмерегин эки бөлүп көтөрүштү* (Жантөшев).

**ЭМЕС** Терс маанини, танууну билдирүү үчүн колдонулат. *Чал эмес, дудук эмес, Жигит экен* (Үмөталиев).

**ЭМЕСЕ** Андай болсо, андай болгондон кийин деген маанидеги сөз. *Эмесе газета, китеп окуп берип, ата-энелерибизди караңгычылыктын залдарынан куткарыш керек* (Сыдыкбеков).

**ЭМИ** Азыр, азыр эле, азыркы убакта. *Эшикке чыгам элеңдеп, Эми жарым келет деп* (Тоголок Молдо). *Капа болбо, баатыр деп,– Калыстык сөзүн эми айтты* («Эр Табылды»). *Карабек эми чечилип сүйлөй баштады* (Каимов).

**ЭМИГРАНТ** Эмиграцияда жүргөн киши.

**ЭМИГРАЦИЯ** Түрдүү себептерден улам өз ата мекенин таштап, аргасыздан же өз эрки менен башка өлкөгө өтүп кетүүчүлүк.

**ЭМИЗ** **эм** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭМИЛ** 1. Фольклордо: абдан катуу бак. 2. Чокмор туткасы бар катуу таяк. 3. *өт.* Сактоочу адам.

**ЭМИР** Чыгыштагы кээ бир мусулман өлкөлөрүнүн башкаруучуларынын бийлик жүргүзүүчү өкүлдөрүнүн титулу. *Бухара эмири.*

**ЭМИССИЯ** *экон.* Банктык жана казына-

лык белеттерди, кагаз акчаларды жана баалуу кагаздарды жүгүртүүгө чыгаруу.

**ЭМИТЕН** Азыртадан, ушу кезден, башталышынан тарта. *Капырай, эмитен ушунча суук болобу. Кышка эмитен камынгыла.*

**ЭМКИ** 1. Азыркы, ушул кездеги, азыркы убактагы. *Баштагынын жакшысы болсоң, эмкинин карысы, болорсуң* (макал). *Эркинче элим дуулаган, Эмки турмуш сонун да* (Осмонкул). 2. Келерки, кезектеги, кийинки. *Силер эмки бейшембиде келгиле* (Жантөшев).

**ЭМНЕ** 1. Адамдан башка бардык жандуу, жансыз заттарга берилип, аларды аныктоо, себебин, жөн-жайын, абалын билүү үчүн колдонула турган суроо. – *Эй колхоздун бакчысы, Бай бакчаңда эмнең бар?* (Осмонов). *Ой, Зарыл, эмне эле ойлонуп калгансың?* (Сыдыкбеков). *Турмуш эмне? Эмне көрдүм, эмне билдим? Күр деп чыгып, шар деп акты дүйнө бул* (Акматбекова). 2. Чакырган кишиге жооп иретинде кайрылуу үчүн колдонулат. – *Айгүл, кайдасың? – Эмне? Мындамын.*

**ЭМНЕ БОЛСОҢ, ОШО БОЛ** Жайына коюу, эч көңүл бөлбөө маанисинде. *Эмне болсоң, ошо бол дегенсип, ишти да талап кылбай калды* (Бердикеев). *Анан калса Сылыйды эмне болсоң, ошо бол деп, акырында таштап салар адам беле?* (Исмаилов).

**ЭМНЕ ШАМ** Атак-даңктын, шаани-шөкөттүн кереги жок деген сыяктуу мааниде. *Жараса жарар, жарабаса комузун чертип топоңдоп кайра келер. Балага эмне шам.* (Бейшеналиев).

**ЭМНЕГЕДИР** Себеби, жөн-жайы ачык эмес ишке, ар кандай күдүк окуяларга ж.б. карата колдонулат. *Андрей эмнегедир күнөм санап туруп калды* (Байтемиров). *Көчөттөрдү отургузуп бүткөн соң, мен эмнегедир дөбөгө чыктым* (Сыдыкбеков).

**ЭМНЕЛИКТЕН** Эмне себептен, кандай себепке байланыштуу, кандайча. *Эмнеликтен мындай чечимге келди?*

**ЭМОЦИОНАЛДУУ** Толкундануу, кубаныч, кайгы, сүйүү, күйүү, ачуу, коркунуч сыяктуу сезимдерге толкунданып турган абал.

**ЭМОЦИЯ** Жан дүйнөнүн толкундануусу.

**ЭМПАТИЯ** Башка адамдын сезимине түздөн-түз таасир этүү, өзүнүн кайгы-капасын башка адамга өткөрүү, таратуу, багыштоо.

**ЭМПИРИЗМ** *филос.* Жаратылышты таанууда сезим түшүнүгүн, тажрыйбаны гана жаратылышты таануунун бирден бир булагы катары эсептеп, теориялык жалпылоонун жана логикалык анализдин маанилерине жеткире баа бербеген же аны танган философиялык агым.

**ЭМПИРИК** Эмпиризмди жактоочу.

**ЭМПИРИКАЛУУ** 1. Тажрыйбага негизденген. 2. Эмпиризмди жактоочу.

**ЭМПИРИЯ** Тажрыйба, сезүү, көрүү органдарынын жардамы менен сырткы дүйнөнү кабылдоо; болуп жаткандарга демейки көнүмүш шарттарда байкоо жүргүзүү (эксперимент жүргүзүүдөн айырмаланып).

**ЭМУЛЬСИЯ** 1. Бири-бирине аралаштырганда эрибей турган эки башка суюктуктун бир түрү экинчисине майда-майда тамчы түрүндө кошулган аралашма. 2. Фотопластинкалардын, фото кагаздардын жарыкты тез сезүүчү үстүнкү катмары.

**ЭМҮҮ** **эм** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭМЧЕК** 1. Сүт эмүүчү ургаачы жыныстагы жаныбарлардын, аялдардын сүт чогула турган жана аны балдарына эмизип тамактандыра турган бези. *Бала ыйламайынча эмчек кайда* (макал). *Уйлардын эмчектери жер чийип, май куйган койдун мөөнүндөй тасыраят* (Үмөталиев). 2. *өт.* Бир нерсенин урчуктуу келген кичинекей бөлүгү, урчугу (мис. аттын такасынын).

**ЭМЧЕК СҮТҮМ АК КЫЛАМ** Энелик акымды кечем, ыраазы эмесмин деген мааниде айтылат.

**ЭМЧЕК СҮТҮН АКТОО** *к.* **эне сүтүн актоо.**

**ЭМЧЕКТЕН ЧЫГУУ** Энесинин эмчегин эмүүдөн калуу, сүт эмүүдөн калуу (бала жөнүндө).

**ЭМЧЕКТЕШ** Бир эненин эмчегин эмген. *Элдияр, Эрмек баатырлар Эмчектеш болгон жолборсум* («Эр Табылды»).

**ЭМЧЕКТҮҮ** 1. Эмчеги бар. *Сүйүнчүңө төө берем, Сүйрү эмчектүү бээ берем* («Эр Табылды»). 2. Эмчек эмген жаш баласы бар, жаш балалуу. *Жакында эркек төрөдү эле, эмчектүү неме келе албайт го.* 3. *өт.* Эмчек сыяктуу урчугу бар, урчуктуу. *Кер кашка дагы обдулуп секирди эле, үч эмчектүү такасы жерге бата түштү* (Таштемиров).

**ЭМЧИ** Ооруну эскиче ырым-жырым, дуба ж.б. менен эмдөөчү, табып, дарыгер. *Эмчи-домчу, күзгүчү, Мекир билет экен деп, Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо).

**ЭМЧИ-ДОМЧУ** Дарыгер, табып, тамырчы. *Эмчи-домчу кемпирден, Бир нечесин келтирген* (Тоголок Молдо).

**ЭМЧИЛ** **эмчи** менен бирдей.

**ЭМЧИЛИК** **эмчилге** таандык.

**ЭМШЕЙ** Тиштери түшүп, ээги алдыга кирип көрүнүү. *Эмшейген кемпир.*

**ЭМШЕНДЕ** 1. Эмшейип карыган адамдын чайнагандагы, сүйлөгөндөгү абалы. 2. Ыйлачудай болуп тургандагы, ыйлап жаткандагы ээги түшкөн абал. *Эркелээриң жок болсо, эмшеңдеп ыйлап не пайда* (фольк.).

**ЭН I** Жазылык, жалпак нерсенин туурасы, эки каптал жагынын аралыгы. *Эни кулач төш жары* («Манас»). *Эндүү кездеме.*

**ЭН II** 1. Өзгөчөлүктүү белги. 2. Таануу, ажыратуу кимдики экенин белгилөө малга салынган белги. *Кулагында эн-тамгасы жок, өзү ак кула ат эле* (Жантөшев). *Малга эн салуу.*

**ЭН III** Кулакты тегерете же кулактын көнчөгүнө түшкөн, суу чыгып туруучу жара. *Уулумун кулагына эн түшүптүр.*

**ЭН IV** Эркектик урук без.

**ЭНДЕЙ** 1. Туташ, жалпы; эни боюнча жайылып жаткан. *Ящиктер толуп калып, кийинки терилген алмаларды жерге эндей эле төгүп коюшту.* 2. Өлчөнбөгөн, ченелбеген, бычылбаган. *Ажар жол сумкасына апасына арнап сатып алган жоолукту, көйнөктүк эки түр эндей кездемени, базарлыкка алган таттууларын салыштырып жолго чыкты.*

**ЭНДЕЙ ЭТЕК** *к.* **чалма этек.**

**ЭНДЕКЕЙ** 1. Өз бетинче, бирикпей, ар ким өз каалаганындай. *Эндекей жүрбөй ушинтип, Бир чоң ынтымак кылалы* («Манас»). 2. Иленди; боюна, оокатка карабаган, тыкан эмес. *Эндекей жүрө берип үй-оокаттан ажырадым. Эркин тоо арасында эндекей жүрө берген экемин.*

**ЭНДЕШЕ** Ойго чөгүү, санаага батуу, жүрөкзаада болуу, кейүү. *Эсенкулдун Ныязбек Эндеше болгон элди айдап* («Эл адабияты»). *Эндеше кылба бул иштен, Өтөбүз бир күн дүйнөдөн...* (Санат).

**ЭНДИ** **эми** менен бирдей.

**ЭНДИК** 1. Күлгүн түстөгү жалбырагы бар жайлоодо өсүүчү өсүмдүк. *Эндик казып талаада, Кыздар жүргөн турбайбы* (Бөкөнбаев). 2. Ушул өсүмдүктөн майга ачытып, көбүнчө бетке сыйпоо үчүн жасалган кызыл түстүү боёк. *Аялдын кашында осмо, көзүндө сурма, бетинде эндик менен упа бар* (Абдукаримов).

**ЭНДИРЕ** 1. Башы айлануу, көңүлү караңгылоо. *Тагай экинчи жолу чапканда көзүм караңгылап, эндирей түштүм* (Абдукаримов). 2. *диал.* Далдыроо, дел болуу. *Анын элдиреп карап калганын көрдү.*

**ЭНДИРЕТ** **эндире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭНДОГЕНДИК** Ички себептердин, процесстердин натыйжасында келип чыгуучу.

**ЭНДОКРИНОЛОГ** Эндокринология боюнча адис.

**ЭНДОКРИНОЛОГИЯ** Ички секреция бездери жөнүндөгү илим.

**ЭНДОСКОПИЯ** Оптикалык аспаптардын жардамы менен көңдөйлүү органдарды шыкаалап кароо методу.

**ЭНДОСПЕРМА** Өсүмдүк уругундагы азык зат топтоочу ткань.

**ЭНДӨӨЛӨ** Бөлүнүп, тарап кетүү.

**ЭНДӨӨЛӨШҮҮ** 1. Чачкындап бытыранды болуу, чачынды болуу; туш-тушка тарап кетүү, чар тарапка жайылып чачылуу. 2. Капарсыздык, энөөлүк, камсыздык маанисинде да айтылат. *Эндөөлөшүп жатыппыз, Кейишке кенен батыппыз* («Манас» С.О.).

**ЭНДҮҮ** Туурасы кен, эни чон, жазы. *Эшик эндүү ай балта, Канжыгага байлаптыр* («Манас»). *Эндүү кездеме.*

**ЭНДҮҮЛҮК** Туурасы кенен.

**ЭНЕ** 1. Баланы төрөгөн жана тарбиялап өстүргөн апасы, аял (баласына карата). *Ак сүтүн берип өстүргөн, Ардактуу биздин энелер* (Бөкөнбаев). *Кадырлуу аппак энебиз, Карып калган кезинде* (Казыбек). *Эне сүтүн актоо – унутулгус карыз* (макал). *Эне сыйлаган элге жагат* (макал). 2. Төлдөгөн, туугaн ургаачы жаныбар. *Торпок да суйөт энесин* (Шүкүрбеков). *Энеси менен кошо оттоп, Ээлигип кулун секирди* (Мидин). 3. Төрөгөн апасына, аялга жана өзүнөн улуу, улгайган аялдарга, кемпирлерге айтылуучу сөз. *Жолдо кетип бара жаткан кемпирди көрүп Каныбек: – Эне, кандай баратасыз? – деди* (Жантөшев).

**ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНА ТАТУУ** Аябай кыйналуу, өтө жаны кейүү, көп кыйынчылыкты башынан өткөрүп, көрбөгөндү көрүү, кордук көрүү. *Андагы көргөн күндү айтпа, эне сүтүбүз оозубузга татыды го* (Жантөшев). *Капкайдагы жаш балдар тартип үйрөтүп, тилдеп турса, эне сүтүң оозуңа ошондо татыр* (Абдукаимов). **В.: Эне сүтү оозуна келүү.** *Кыл чылбыр балык этке батканда эне сүтү оозуна келип, туткун онтой баштады* (Осмоналиев).

**ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНАН КЕТЕ ЭЛЕК** Жаман-жакшыны көрүп кагылып, бышыга элек, өсүп жетиле элек, өтө жаш, эч нерсе көрө элек. *Эне сүтү оозунан кете элек сага окшогон малакайлардын нечөнин көргөмүн* («Агым»). *Мен алтымыш таянып азынап турган чагымда эмес, эне сүтү оозумдан кете элек эселек күнүмдө эч кимге алдаткан эмесмин* (Тойбаев). **В.: Эне сүтү оозунан арыла элек.** *Анын эри Чолок этек да эне сүтү оозунан арыла электе орустун чочкосун баккан* (Өмүрбаев). **Эне сүтү эрдинен кете элек.** *Эне сүтү эрдинен кете элек бала менен чырлашкысы келбеди* («Ала-Тоо»). **Оозунан сүтү кете элек.** *Оозунан сүтү кете элек бала да.*

**ЭНЕ СҮТҮ ООЗУНАН КУРГАГАН** Чоңойгон, өсүп жетилген, баралына келген. *Ашырбек ага караганда жаңыдан гана эне сүтү оозунан кургаган боз уландай сезилчү* (Ашымбаев).

**ЭНЕ СҮТҮН АКТОО** Эли-журту, мекени, энеси ыраазы болгудай иш кылуу, ошого татырлык кызмат өткөрүү, жан аябай кызмат кылуу. *Күрөшүп силер менен жан беремин, Антпесем кантип актайм эне сүтүн* (Турусбеков). *Биздин максат эне сүтүн актамак, Улуттукту, жакшы салтты сактамак* (Сарногоев). **В.: Эмчек сүтүн актоо.** *Сен эмчек сүтүн актабайсыңбы? – деди* (Сыдыкбеков).

**ЭНЕ СҮТҮН КЕЧҮҮ** *к.* **ак сүтүн кечүү.**

**ЭНЕ СҮТҮН ООЗУНА ТАТЫТУУ** Аябай кыйноо, көрбөгөндү көрсөтүп, сазайын колуна берүү, кордук көрсөтүү. *Мен сенин эне сүтүңдү оозуңа татытып коём, бала!* (Саатов). *Эне сүтүн оозуна татытып сүй жыгуучу* («Кыргызстан маданияты»). *Эртеден кечке тындырбай эне сүтүн оозуна татытып иштеп, акчанын кантип табылаарын билсин* (Жетимишов).

**ЭНЕДЕН ТУУМА** Дырдай жылаңач, жыпжылаңач, кийимсиз. *Өмүрү чоочун кишилер-*

*дин алдында энеден туума болуп чечинип көрбөгөн элеттик ургаачылардын заманасы куурулду бейм* (Сыдыкбеков). *Жигитин чаптырып, аны алдырып келет. Энеден туума чечинтип сабашат* (Осмоналиев).

**ЭНЕЛЕШ** Бир энеден туулган, энелери бир, атасы бөлөк. *Энелештен эгизим, Эч өөнү жок тегизим* («Курманбек»). *Алымкул энелеш агасынын колунда калат* («Ала-Тоо»).

**ЭНЕЛИК** 1. **энеге** таандык. *Чын энелик эрдигиңе багынып, Келчи, энеке, маңдайыңан өбөйүн* (Осмонов). 2. *биол.* Чикиттин, гүлдүн чаңчасындагы өсүндү, энеси. *Энеликтин узундугу 60 см болот.*

**ЭНЕЛҮҮ** Энеси бар. *Кирип келсе энелүү кыз Өксөп жатат бүгүлүп* (Токомбаев). *Энелүү жетим – эрке жетим* (макал).

**ЭНЕРГЕТИК** Энергетика боюнча адис.

**ЭНЕРГЕТИКА** 1. Энергиянын касиетин текшерүүчү физиканын бир бөлүмү. 2. Энергиянын ар кандай түрлөрүн иштеп чыгаруучу жана аны пайдалануучу техниканын бир тармагы.

**ЭНЕРГЕТИКАЛЫК** **энергетикага** таандык.

**ЭНЕРГИЯ** 1. Материянын негизги касиеттеринин бири – анын кыймылынын өлчөмү, материянын кыймылынын запасы (жылуулук, жарык, электр тогу, механикалык кыймыл ж.б. түрүндөгү). *Атом энергиясы. Күн – энергиянын түгөнгүс булагы.* 2. Кандайдыр бир телонун, заттын ж.б. белгилүү бир ишти аткарууга, бир нерсе өндүрүүгө болгон жөндөмдүүлүгү же ошого жумшалган күчтүн булагы катары жарай алышы. *Аккумулятордун энергиясы.* 3. Адамдын аракетинин иштиктүүлүгү, кубаттуулугу.

**ЭНЕСИ ЭРКЕК ТУУГАНДАЙ** Аябай сүйүнгөндүк, кубангандык. *Эмне кыйкырдың энең эркек туугандай?* (Айтматов). *Дубанов аны көргөндө энеси эркек туугандай сүйүнүп, мадыраңдап сүйлөдү* («Ала-Тоо»). **В.: Энеси эркек төрөгөндөй.** *Айбаттуу замбиректин үнүн укканда Савчук менен Турганбай энелери эркек төрөгөндөй кудуңдап, сүйүнүп турушту* (Абдукаимов).

**ЭНЕСИН ТААНЫТУУ** *к.* **атасын таанытуу.**

**ЭНӨӨ** 1. Элегей, көп нерсени элес албаган, баёо, унутчаак, жоош. *Энөө балалыктан улам ал кезде ошол окуяга маани берген эмес экемин.* 2. Шалаакы, жүдөө, байкабас. *Жаш чагында Садыр мурдун тарта албаган, сүйрөлгөн, энөө жаман бала болгон.*

**ЭНӨӨЛҮК** Жооштук, баёолук. 2. Шалаакылык, жүдөөлүк, мажирөөлүк.

**ЭНТЕЛЕ** Абдан шашкалактап энтигүү, чыйпыйы чыгуу. *Абаз энтелеңдеп үйгө кирип келгенде, үйдөгүлөр аң-таң болушуп, аны тиктеп калышты* (Турусбеков). *Энтелеңдеп дүрбөшүп, Алапайын табалбай* («Манас»).

**ЭНТЕЛЕТ** **энтеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭНТЕЛЕШ** **энтеле** этишинин кош мамилеси.

**ЭНТЕЛӨӨ** **энтеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭНТЕҢДЕ** Шашкалактоо, карбаластоо, энтеңдөө, шашылып энтигүү.

**ЭНТЕҢДЕТ** **энтеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭНТИГҮҮ** **энтик** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭНТИК** Өпкөсү көөпараң дем алуу, деми кысылып күйүгүү; оор дем алуу. *Чуркоодон күйүккөн Мамбеткул энтигип, ийини менен дем алат* (Каимов).

**ЭНТИКТИР** **энтик** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭНТОМОЛОГИЯ** *вет.* Зоология илиминин курт-кумурскаларды изилдөөчү бөлүмү.

**ЭНТУЗИАЗМ** Шыктануучулук, ынтызарлык.

**ЭНТУЗИАСТ** Кандайдыр бир ишке, идеяга абдан берилген, шыктанган, ынтызарланган, бүткүл күчүн арнаган адам.

**ЭНЦИКЛОПЕДИСТ** 1. Кеңири жана ар тараптуу билимге ээ болгон адам, илимдин көп, кээде абдан ар түрдүү тармактарына салымын кошкон окумуштуу. 2. Энциклопедия түзүүгө катышкан, түзгөн адам.

**ЭНЦИКЛОПЕДИЯ** Бардык билимдерден же билимдин айрым бир тармагынан илимий маалымат берүүчү маалымдама китеп.

**ЭНЧИ** Бирөөгө тиешелүү үлүш; менчигинде кала турган мал-мүлк, байлык. *Алмамбет балам угуп тур, Өзүмдүн көзүм барында Энчиңди сенин бөлөмүн* («Манас»). *Айылын бөлөк кондуруп, Төрт түлүктүү малынан, Энчисин бөлүп бериптир* (Тоголок Молдо). *Энчиме бүткөн айылым, Энемдей ысык көрүнөт* (Буларкиева).

**ЭНЧИКТЕ** **энчиле** менен бирдей.

**ЭНЧИЛЕ** Энчисин, өзүнө тиешелүү мал-мүлкүн, оокатын бөлүү арноо. *Эркек болсо кулунду, Энчилейин балама* («Манас»). – *Бул атты сага энчилеп койгом* (Каимов).

**ЭНЧИЛЕТ** **энчиле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭНЧИЛЕШ** 1. Энчиси бар, энчиси бирге. *Ага менен ини ата мүлкүнө энчилеш болот эмеспи* (Бейшеналиев). 2. Ортоктош, ырыскылаш. *Эшен менен энчилеш Калпа болот дечү эле* (Токтогул). *Шакирттери устатынын тамагына энчилеш болгону жакшы* (Бейшеналиев).

**ЭНЧИЛИК** *диал.* Менчик. *Өзүбүздүн энчилик кой.*

**ЭНЧИЛӨӨ** **энчиле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭНЧИЛҮҮ** Энчиленген, арналган, бирөөнүн энчисине бөлүнгөн, бирөөгө таандык. – *Бул атты сага энчилеп койгом, энчилүү малды сураган кишиге берүүгө болбойт* (Каимов).

**ЭНЧИСИН КОЛУНА БЕРҮҮ** *к.* **адебин колуна берүү.**

**ЭНЧИСИНЕ БАСЫЛУУ** Жеке өзүнө, жалгыз өзүнө тиешелүү болуу. *Сенин энчиңе ба-*

*сылуу беле? Бул көпчүлүккө тиешелүү, – деп ачуусу келе түштү* («Чалкан»).

**ЭҢ I** Күчөтүү, күчөтө сүйлөө үчүн колдонулат. *Эң сулуусу тогуздун* («Эр Төштүк»). *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул). *Элим сүйсө аталап, Эң эле сонун жыргалым* (Осмонкул). *Эң эле кыйын иштерди, Элестетет турмушум* (Казыбек). *Деген менен бу Жаабарсың өзүнүн жырткычтык ишин эң сонун билет* (Айтматов).

**ЭҢ II** 1. Ат үстүнөн эңкейип жерде жаткан нерсени илип алуу, илип кетүү, учуп баратып илип кетүү (алгыр куштарга карата). *Ат үстүнөн баратып, Тыйын эңет кыздар ай* (Осмонов). *Жерде жаткан беш тыйындыкты эңип кетти. Эңкейшите эчкини Эңип алды буудайык* 2. Эңиште бири-бирин аттан оодаруу, аттан түшүрүү. *Семетей Чынкожону эңет.*

**ЭҢ КЕМИНДЕ** Эң эле аз дегенде, эч болбогондо, болбоду дегенде. *Эң keминде көлчүк болор* (Токомбаев).

**ЭҢГЕЗЕРДЕЙ** Килейген, килтейген, аябай чоң. *Эшик алдын карасаң, эңгезердей мунар бар* (фольк.).

**ЭҢГЕК** *диал.* Буямага келтирбей шаштыргандык, астын-үстүн кымгуут түшүргөндүк. *Эңгек-дөңгөк түшүрдү.*

**ЭҢГИ: эңги-деңги болуу** Башы айлануу, тегеренүү; мас болуу. *Алайдын кымызы эңги-деңги кыла баштады* (Абдукаримов).

**ЭҢГИЛЧЕК эңилчек** менен бирдей. *Эңгилчек баскан жер.*

**ЭҢГИР: эңгир-деңгир** Эс-акылын жоготкондой деңгиреген абал. *Катуу тийген союлдан башы эңгир-деңгир боло түштү.*

**ЭҢГИРЕ** 1. Зарланып ыйлоо, үнүн баспай зар какшоо. *Үкүдөй жүнү үрпөйүп, Эңгиреп энең зарланды* (Токтогул). 2. Эч ким жок, ээн-эркин, бош болуу. *Үйдүн ичи эңгиреп ээн* (Бейшеналиев).

**ЭҢГИРЕТ эңгире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢГИРЕШ эңгире** этишинин кош мамилеси.

**ЭҢДЕШ I** Бирдей, окшош.

**ЭҢДЕШ II эңде** этишинин кош мамилеси.

**ЭҢДЕШТИР эңдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢДЕШТИРҮҮ эңдештир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢДИР эң** этишинин аркылуу мамилеси. *Эңдирчү Манас мен эмес, эңер калмак сен эмес* (фольк.).

**ЭҢДИРҮҮ эңдир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢИЛ эң** этишинин туюк мамилеси.

**ЭҢИЛҮҮ эңил** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢИЛЧЕК** Боёк даярдоочу, таштa өскөн өсүмдүк.

**ЭҢИЛЧЕКТҮҮ** Эңгилчеги көп, эңилчек көп өскөн жер, таш ж.б.

**ЭҢИРЕЙ** Таноосун көптүрүү, таноосун көптүрө элирейип кароо (чолок мурундуу, таноосу кыска адамга карата). *Ашым эңирейип токтой калды* (Сыдыкбеков).

**ЭҢИРЕЙТ эңирей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢИРЕКЕЙ** Эңирейген, таноосу чолок.

**ЭҢИРЕНДЕ** Мурдун көтөрүп, таноосун көптүрүп ээлигүү, жулкунуу, көтөрүлүп сүйлөө. *Тоту эңиреңдеп сүйлөй баштады* (Жантөшев).

**ЭҢИРЕҢДЕТ эңиреңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢИРЕҢДЕШ эңиреңде** этишинин кош мамилси.

**ЭҢИРЕҢДӨӨ эңиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢИШ I** Эңкейиш, ылдый жер; бөксө, боор. *Эңишке аккан суу* (Каимов). *Эңишке келгенде эс ала түшүп, өргө келгенде артына шыпырылып кетем* (Элебаев). *Мергенчи көрдүк эңиштен* («Эр Табылды»).

**ЭҢИШ II** Эки балбан ат үстүнөн бири-бирин оодарышып күч сынашкан улуттук оюн, оодарыш. *Томпоюп аттан жыгылды, Эңишке түшкөн баласы* (Токтогул).

**ЭҢИШ III** 1. **эң** этишинин кош мамилеси. *Буудайык кандын Музбурчак – эңишип киши жеңбеген* (фольк.). 2. Эңишке түшүп, бири-бирин эңүү, жеңүү үчүн кармашуу.

**ЭҢИШТЕ** Эңишти, эңиш жерди карай ылдыйлап басуу, түшүү, ылдыйлоо, төмөндөө. *Эңиштеп төмөн түшүпмүн, Өзүм да муну байкабайм* (Сарногоев).

**ЭҢИШТИР эңиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢИШТИРИШ эңиштир** этишинин кош мамилеси.

**ЭҢИШТИРҮҮ эңиштир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢИШТӨӨ эңиште** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢИШҮҮ эңиш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢКЕ** Кийиктин (эликтин, аркардын) чүкөсү.

**ЭҢКЕЙ** 1. Жерди карай ийилүү өбөктөө. *Ал эңкейип он тыйынды колуна алды* (Жантөшев). *Кычан жепирейген эшиктин босогосунан эңкейип өттү* (Бейшеналиев). *Элүүгө кадам басканда Эңкейип белиң ийилет* (Токтогул). 2. Бийик жерден, жайлоодон ж.б. төмөндөп көчүү, ылдыйлоо, бийик жерден ашып өтүү, ары түшүү. *Малчылар жайлоодон эңкейип калган убак* (Каимов). *Эңкейдим аркы бетине, Элимдин чыктым четине* (Казыбек). *Тиги көрүнгөн белди эңкейсеңер, Көк-Суудагы элге жетесиңер* (Жантөшев). 3. *өт.* Көз жумуу, каза болуу. *Элүүнүн жүзүн көрбөстөн, Эңкейип жерге жашыңдың.* 4. *өт.* Белгилүү бир жаштан, маалдан, чектен өтүү, арылоо. *Жакыптын жашы кырктан эңкейип калган* (Бейшеналиев).

**ЭҢКЕЙИШ** 1. Ылдый, төмөн, эңиш. *Жол ийри-буйру болуп, бирде эңкейиш, бирде өр тартат* (Касымбеков). *Лыжа менен саал*

*эңкейиш жерде жүрүү кандай сонун* (Байтемиров). 2. Эңиш болуп кеткен, төмөндөп, бөксөрүп кеткен жер. *Эңкейиште аккан шар сууга бардык* (Үсөнбаев). *Окуучум, эңкейиште эсиң болсо, Жолуна турба таштын тоголонгон* (Байгазиев).

**ЭҢКЕЙИШТЕ** Төмөн, ылдый түшүү. *Эңкейиштеп жүгүрсө, эликтей колу сайылып* (фольк.).

**ЭҢКЕЙТ эңкей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢКЕЙҮҮ эңкей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢКЕР** Ээрдин алдыңкы жагы жазы болуп, тегерек түрдө жасалышы. *Эңкер баштуу ак каңкы ээр* («Манас» С.О.).

**ЭҢКИЛДЕ** Дегдендеп шашып жүгүрүү (көбүнчө төмөн карай). *Ары четтеги чоң көк үй эңкилдеп чуркап келди* («Чалкан»).

**ЭҢКИЛДЕТ эңкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢКҮҮ** *туурасы:* **эңкейиш.** *Эңкүү жерде эликтей, өргө чапса, – учкан куш.*

**ЭҢСЕ** Самоо, каалоо, тилөө, көксөө; сагынуу. *Эңсеген элим аманбы?* (Токтогул). *Издегеним Акшумкар, Эңсегеним Айчүрөк* («Семетей»). *Сагындым кагылайын кыргыз жерин, Эңседим ой-түзүңдү көрсөм дедим* (Абдыраманов). *Эл агартуу бөлүмүнөн эңсеси сууп, үч бала кайта чыгышты* (Сыдыкбеков). *Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет* (макал). *Эрегишкен шер болсо, Эңсесин кескен Эр Кошой* («Манас»). *Элиң үчүн эмгектенип аарыдай, Эңсегенге жеткен бакыт арыбай* (Гилязетдинов).

**ЭҢСЕСИН КЕСҮҮ** Демин кайтаруу, тыйып коюу, басып коюу, көңүлүн кайт кылуу. *Чоң үмүт менен келген Байымбетти туугандары эңсесин кесип койду* (Бейшеналиев). *Эрегишкен шер болсо, эңсесин кескен эр Канай* («Манас»). **В.: Эңсеси кесилүү.** *Ойлогон ою ордунан чыкпай, эңкеси кесилип отуруп калды.* **Эңсеси кесилүү.** *Анын эңсеси кесилди.* **Эңсеси катуу.** *Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет* (макал).

**ЭҢСЕТ эңсе** этишинин аркылуу мамилеси. *Энекем ааламдагы кымбатым сен, Эңсеткен узак жолдо кубат берген* (Акматалиев).

**ЭҢСЕШ эңсе** этишинин кош мамилеси.

**ЭҢСӨӨ эңсе** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢТЕР** Эңип кетүү, оодарып кетүү.

**ЭҢЧЕГЕЙ БОЙЛУУ эңчегер** менен бирдей. *Эңчегей бойлуу кең далы* («Манас» С.К.).

**ЭҢЧЕГЕР** Кыска бойлуу, чымыр, толук, далысы бүкүрөйүңкү, дүгдүйгөн. *Эңчегер бойлуу эр Эшим. Эңчегер жандын эрени, эчен дөөнүн берени* (фольк.).

**ЭҢЧЕР** 1. **эңчегер** менен бирдей. *Капталы жазы бою эңчер, кан Коңурбай деген эр* (фольк.). *Эңчер келген кең далы* («Семетей» С.К.). 2. *диал.* Карылуу келген орто чондуктагы бүркүттүн бир түрү.

**ЭҢШЕНДЕ** Арык, алы жок, алсыз кыймыл аракетте болуу (карыларга карата колдонулат). *Эңшеңдеген суз кары, эргүүл тартып, күлсө экен.*

**ЭҢШЕР** Оюп, чуңкурайтып үңүү, казуу; түгөтүү; кулатуу, жыгуу, уратуу. *Мына бу ак чапты эңшерип жаткан кайсы бульдозерчу* (Сасыкбаев). *Каналды казып, топурагын ташып эңшерип жиберишти* («САЖИ»).

**ЭҢШЕРИЛТ эңшерил** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢШЕРИШ эңшер** этишинин кош мамилеси.

**ЭҢШЕРТ эңшер** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭҢШЕРҮҮ эңшер** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭҢШЕРИЛ эңшер** этишинин туюк мамилеси.

**ЭОЛИТ** Таш кылымы. Бул доордо адам баласы таштан өтө эле жөнөкөй куралдарды жасашкан.

**ЭП** 1. Туура келүүчүлүк, ылайыктуулук, негиздүүлүк, ылайыгы бар экендик. *Эл Кедейкандын айтканын эп көрдү* (Токтогул). *Силерге эп келсе, менде бир тилек бар* («Ала-Тоо»). *Бул айтканың эп. Мага бере турган эбиң бар эле.* 2. Ык, жөн, эптеле тургандай шартта болгондук. *Аны өзүм эпке келтирем* («Чалкан»). *Сынган эшикти эби менен кадоо. Эп кылып кимге жатышат, Ийменемин, Зарланам, Ишим түшсө бирөөгө Эми кимге сабылам. Эби бар иш бүтүрөт, кеби бар сөз бүтүрөт* (макал).

**ЭПЕЙ** Кичинекей, жеңил, тепейген көрүнүштө болуу. *Кооз оюлган шырдактын чекесинде эпейип, үй ээсинин колуктусу Айгүл картошка тазалап отурат* («Ала-Тоо»).

**ЭПЕЙТ эпей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭПЕЛЕК** Жеңил, эпилдек, шыпылдап жан койбогон. *Жаныңды сыйырып алат, жөн эле бир эпелек.*

**ЭПЕҢДЕ** Эпейген кичинекей кишинин чепеңдеген кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуусу. *Эшегин минип эпеңдеп, Жолго чыкты тепеңдеп* (Тоголок Молдо).

**ЭПЕҢДЕТ эпеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭПЕҢДЕШ эпеңде** этишинин кош мамилеси.

**ЭПЕҢДӨӨ эпеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭПИГОН** Учуру өткөн, колдонуудан чыккан идеяларды, өз өмүрүн жашап бүткөн коомдук саясий, адабий, илимий ж.б. багытты сокур туураган, жактаган, бирок өзүнүн чыгармачылык өзгөчөлүгү болбогон киши.

**ЭПИГОНДУК** Коомдук акыл-ойдун, илимдин, адабияттын, искусствонун, кайсы бир адамдардын ишмердигин кечигүү менен чыгармачылыксыз, карандай ээрчүүчүлүк.

**ЭПИГРАММА** Кимдир бирөөнү тамашага алуу менен анын кемчиликтерин, өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн сатиралык мүнөздөгү чакан ыр.

**ЭПИГРАФ** 1. Байыркы гректердин эстеликтериндеги жазуу. 2. *адаб.* Чыгарманын эң негизги идеясын белгилеп туруу үчүн анын эң башкы жагында же айрым бир бөлүмдөрүнүн башында берилүүчү кыска цитата же санат сөз.

**ЭПИГРАФИКА** Эпиграф, байыркы жазуулар жөнүндө илим.

**ЭПИДЕМИОЛОГ** Эпидемиология боюнча кызматкер, адис.

**ЭПИДЕМИОЛОГИЯ** Эпидемиянын (жугуштуу оорулардын) кеңири таралып кетишин, анын чыгыш себептерин жана ага каршы күрөшүү чараларын изилдей турган медицинанын бир бөлүгү.

**ЭПИДЕМИЯ** Кандайдыр бир жугуштуу оорулардын кеңири таралып кетиши.

**ЭПИДЕРМА** Биринчи жабуучу тирүү ткань.

**ЭПИДЕРМИС** Адамдын, омурткалуу жаныбарлардын терисинин эң үстүнкү катмары.

**ЭПИЗОД** 1. Көркөм чыгарманын өз алдынча белгилүү даражада жыйынтыкталып бүткөн, бирок жалпы сюжетке тутумдашып турган айрым бөлүгү. 2. Болуп өткөн айрым бир окуя, болмуш. 3. *муз.* Музыкалык чыгарманын түзүлүшүнүн жаңы, мурунку темалардан айырмаланган бөлүгү.

**ЭПИЗОДДУК** Дайыма болуп турбаган; кээ бир убакта, мезгил-мезгили менен болуучу.

**ЭПИЗООТИЯ** Малдын өлөт, темтеӊ, шарп сыяктуу жугуштуу ооруларынын кеӊ таралышы.

**ЭПИКАЛЫК ТЕК** *адаб.* Эпостук тек, көркөм адабияттагы үч тектин бири.

**ЭПИЛДЕ** 1. Ылдам, тез, шамдагай кыймылдоо, иштөө; тез канат кагып учуу. *Жаш бала эки чайнек чайды эпилдеп көтөрүп кирип келди* («Чалкан»). *Карачы, тиги аянтта Шарапаткан, Эпилдеп көзгө илээшпей терип жаткан* (Абдыраманов). *Эбине келсе эпилдеп, Илбээсин издейт ылаачын* (Калык). 2. Тез, бат-бат сүйлөө; кичи пейилдик кылуу; ал-жай суроо, урматтап сүйлөө. *Жан алы калбай алжайды сурап, эпилдеп учурашты* (Сыдыкбеков). *Үйдүн ээси коноктorго эпилдеп сөз баштады* («Ала-Тоо»). *Эпилдеп-жепилдеп, балдарына да карамдуу* (Таштемиров).

**ЭПИЛДЕТ эпилде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭПИЛДЕШ эпилде** этишинин кош мамилеси.

**ЭПИЛДӨӨ эпилде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭПИЛЕПСИЯ** Талма, борбордук нерв системасынын дарттарынын бөтөнчө бир түрү.

**ЭПИЛЕПТИК** Талма менен ооруган киши.

**ЭПИЛОГ** 1. Көркөм чыгарманын корутунду бөлүгү. 2. *муз.* Музыкада сахналык чыгарманын жыйынтыктоочу бөлүгү.

**ЭПИСТОЛЯРДЫК ФОРМА** *адаб.* Кат формасы, көркөм чагылдыруунун өзгөчө бир ыкмасы, мында окуялар, же каармандардын ички ойлору, иш-аракеттери кат формасында берилет.

**ЭПИТАФИЯ** *адаб.* Мүрзө үстүндө айтылган сөз. Мурда бейиттин үстүнө коюлган эстелик ташка жазылган ырлар эпитафия деп аталса, азыр жалпы эле көзү өткөн адамдарга арналып, анын бейит белгисине жазылган ырлар, жалпы эле өлүм кайгысына карата маркумга арналган поэтикалык чыгармаларды аташат.

**ЭПИТЕТ** Көркөм чыгармадагы каармандардын, окуянын, кубулуштун же кандайдыр бир башка нерсенин мүнөздүү белгилерин, касиеттерин көрсөтүп, ага көркөмдүк түр берүү, анын поэтикалык ажарын ачуу үчүн колдонулуучу аныктооч сөз, көркөм сөз каражаты. *Кыргыз элинин түшүнүгүндө элди эзген бий-болуштар карга, кузгун деген эпитеттер менен сүрөттөлөт* (Маликов).

**ЭПИФОРА** *адаб.* Ыр жолдорунун соңундагы сөздөрдүн же сөз айкаштарынын кайра-кайра кайталанышы. *Жүзүмдүн тырыгына күлбө селки! Жадыңдан чыктыбы же согуш өртү?! Жүрөктө: өмүр көркү, көңүл көркү* (Байзаков).

**ЭПИЦЕНТР** Жер титирөө борборунун чордону.

**ЭПКИН** 1. Бир нерсенин өтө тез кыймылынын илеби, таасири, күчү, күүсү. *Кулаган таштын эпкини тийип, мен да жыгылып кеттим* (Каимов). *Эсиңе албай иш кылдың, Эпкини катуу шамалдай* (Казыбек). *Борошонун ызгаардуу эпкини Ышкынаалынын уйкусун ача алган жок* (Байтемиров). *Толкундун эпкини чүрөктүн үлпүлдөгөн жемсөө тыбытын желпип турду* (Осмоналиев). 2. Тездик, ылдамдык, шамдагайлык, демдүүлүк. *Эгинге жакын конолук, Эпкин менен оролук* (Осмонкул). *Бекерликке берилбей Эпкин менен жумуш кыл* (Токтогул). *Эпкиндүү болсоң элиң сүйөт, курбу-курдаш, теңиң сүйөт* (макал). *Эсиңе албай иш кылдың, Эпкини катуу шамалдай* (Казыбек).

**ЭПКИНДЕ** 1. Демилге көтөрүп ылдам, тез, шамдагай иштөө, кыймылдоо. *Чап кетменди, эпкиндегин, мелдешкин Түзүп чарба, жакшыларга теңдешкин* (Бөкөнбаев). 2. *диал.* Жин тийгенсип ооруу, жөөлүү. *Ал байкуш эпкиндеп калыптыр го.*

**ЭПКИНДӨӨ эпкинде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭПКИНДҮҮ** Ишке демилгелүү, үлгүлүү, өрнөк көрсөткөн. *Фермага башчы болуптур Эпкиндүү эжем Сыргажан* (Бөкөнбаев). *Эпкиндүүлөр эң алдыда, Эмгектенген, талбаган* (Нуркамал).

**ЭПКИНДҮҮЛҮК** Ишке эпкиндүү, демилгелүү киришкендик, ишмердүүлүк. *Эчкикойду эгиздетип төлдөткөн, Эмгек кылып эпкиндүүлүк көргөзгөн* (Осмонкул).

**ЭПОПЕЯ** 1. Көрүнүктүү тарыхый окуяларды баяндаган ири адабий чыгарма; көлөмдүү эпикалык поэма. *Мухтар Ауэзовдун «Абай»*

*эпопеясы*. 2. Өз ара бирдиктүүлүгү, жалпылыгы бар бир катар ири, маанилүү окуялардын тобу. *Граждандык согуштун эпопеясы.*

**ЭПОС** *адаб.* 1. Көркөм адабияттагы үч түрдүн бири. 2. Элдик оозеки чыгармалардагы окуяны кеңири сүрөттөгөн баатырдык ырлар, ири поэмалар. *«Манас» эпосу. Кенже эпостор. Баатырдык эпостор.*

**ЭПСИЗ** 1. Эби жок, ыгы жок, ыкчыл эмес, эптүү эмес, копол. *Балдар күрөшүп, эптүүсү эпсизин жыгып, төө матек, укуй алып жатышты* (Жантөшев). 2. Жарашыксыз, көрксүз, эби-сыны жок. *Тамдын түркүктөрү дордоюп жоон, эпсиз жасалган.* 3. Болжолсуз, ченемсиз, ашкан, артыкча. *Эрдигиң эпсиз көрүнөт* («Семетей»). *Эндей торко кийгизип, Эпсиз жорго мингизип* («Эр Төштүк»). 4. Сансыз көп, сан жетпеген. *Элүү төөгө мал алып, Эпсиз күмүш, зээр алып, Эпсиз калың эл келди* («Манас»).

**ЭПТЕ** 1. Эбине келтирүү; эбин, ыгын таап, калыбына келтирүү, бириктирүү. *Беш тактайды эптеп, сынган жаман эшикти кадады* (Сыдыкбеков). 2. Эбин, ыгын, айласын, амалын табуу; алдоо. *Эски тонун бергенсип, Эптеп алды чөбүңдү* (Тоголок Молдо). *Эптеп эбин таап жоону колго түшүрдү* («Жомоктор»). *Эптеп селки бозоюна жеткенде, Үн угулду, үй эшиги ачылды* (Тыныстанов). 3. Кыйнала-кыстала, антипминтип, эптештире, айласын таба, жөнүнө келтире, эптеп-септеп. *Оокат эптеп өтүп жатат* (Сыдыкбеков). *Көпчүлүктүн катарында эптеп келе жатам* (Элебаев).

**ЭПТЕКЕЙ** Шамдагай, машыккан, эптүү, эпчил.

**ЭПТЕМЕ** Эптеп-септеп жасалган нерсе.

**ЭПТЕП-СЕПТЕП** Кыйнала-кыстала, зорго, араң-араң, иши кылып. *Эптеп-септеп арык малды араң тургузушту* (Мидин). *Үзүктүн күйгөн жерине эптеп-септеп эски өрө кийиздин үзүндүлөрүн жамашты* (Жантөшев).

**ЭПТЕТ эпте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭПТЕШ эпте** этишинин кош мамилеси.

**ЭПТӨӨ эпте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭПТҮҮ** 1. Ылайыктуу, ылайыгы келген, жөнү бар, туура келүүчү. *Эсенканга тартууга Эптүү күлүк мал экен* («Манас»). *Таштын кычыктарына туура келген эптүү таштардан коюп, тегиздегиле* (Жантөшев). 2. Эпчил, ыкчыл, жөндөмдүү, айлакер. *Адамдан жеңил эң эптүү, Сүйлөп турса бал кептүү* («Эр Төштүк»). *Кат жазуудан талбадым, Калемге эптүү бармагым* (Тоголок Молдо). *Элине келсек жашынып, Эптүүлөп бизге асылып* (Казыбек).

**ЭПТҮҮЛҮК** Эпчилдик, ыктуулук, жөндөмдүүлүк. *Эсеби чоң жеңеңдин, Эптүүлүгү билинип* («Сейтек»). *Ал кайраттуулугу, эптүүлүгү, сөзмөрдүгү менен карыга курдаш, жашка сырдаш* (Каимов).

**ЭПЧИ: эпчи жак** Боз үйдүн аялдарга таандык болгон оң жагы (анда казан-аяк, тамакаш ж.б. жайгашылып, чыгдан тартылган болот). *Үйдүн эпчи жагында саймалуу кызыл көшөгө тартылган* (Жантөшев). *Эпчи тарапта энесинин жанындагы Таанаке бийкеч байкамаксан болуп саймаларын сайып алектенген болду* (Абакиров).

**ЭПЧИЛ** Эптүү, ыктуу, жөндөмдүү; айлакер, амалдуу. *Эр жигиттин белгиси Эпчил болот термелеп* (Токтогул). *Эпчил эки ичет* (макал).

**ЭПЧИЛДИК** Эптүүлүк, ыктуулук; амалдуулук. *Эпчилдик кылуу.*

**ЭР** 1. Эркек киши, адам. *Эр өлтүрүп кун тартпай, Айдалып келдим алыстан* (Токтогул). 2. Аялдын күйөөсү, күйөө. *Кадырлаш болсо өлгөнчө, Катындын көркү эр менен* (Токтогул). 3. *өт.* Баатыр, жүрөктүү, жалтанбаган. *Сырттан Сыргак, эр Манас Сырдашкан киши аянбас* («Манас»). *Эр даңкын эл чыгарар* (макал).

**ЭР БҮЛӨ** Эркектер, эркек аттуунун баары. *Мен кыйын деген далай эр бүлөлөрдү кербен башчыларына дайындап жөнөттү* (Бейшеналиев). *Бүт эр бүлө, минтип, майданга кетип жатабыз* (Абдукаимов).

**ЭР ЖАГЫ** Боз үй ичинин эшиктен кирген сол, эркектерге таандык жагы. *Меймандар сол кереге тарабына эр жагына өтүп сакалдуулай, төргө отура баштаган. Чаргындын оң капталына Куланбай мерген, ага улай Кылычбек бек, Калканбек анан кошчу жигиттер отураары менен сырттан Акмарал кирип төрдөгүлөргө да, боз үйдүн эки капталында отургандарга карай кайра-кайра жүгүнүп, улага жакка тизелей колун бооруна алган боюча кайненеси тарапка карады* (Абакиров).

**ЭР ЖАК эр жагы** менен бирдей. *Эр жакта ээр, камчы илинүү* (Мидин).

**ЭР ЖЕТҮҮ** Бой жетүү; чоңоюп азамат болуу. *Чоңоёрсуң эр жетип, Азамат болуп, бел чечип* (Осмонов). – *Жалгыз түтүн Чүйдөгү Айылчы тууганыңдан жук күтүп, эр жетип келсең, буердеги түптүү журтуң сени кантип томсортолу* (Бейшеналиев). *Балдарыбыз эр жетип, экөө тең институтта окуп жатышат* (Мырзаев).

**ЭР ЖҮРӨК** Коркууну, кайра тартууну билбеген жалтанбас, тайманбас баатыр. *Чолпонбай сыяктуу эр жүрөк уулдарыбыз элибиздин сыймыгы болот* («Ала-Тоо»). *Табылды деген эр жүрөк азаматтын башчылыгы менен ыгым-чыгымдан баш тартып кол курашты* (Бейшеналиев). **В.: Эр көкүрөк.** *Жолой жашынан эле чыйрак чыгып, эр көкүрөк баатыр болот* (Жантөшев). *Ак-Жардагы жылкычылар арасында эр көкүрөк айлакерлери да болгон* («Кыргызстан маданияты»). *Эр көкүрөк Оросул «эмне кыласың?» – деп бир ооз сураган да жок* (Осмоналиев).

**ЭР КӨКҮРӨК** Баатыр, жүрөктүү, тайманбас. *Жолой жашынан эле чыйрак чыгып, эр көкүрөк баатыр болот* (Жантөшев). *Кудайга*

*шүгүр, үүчүбүз кур эмес экен, дагы деле эр көкүрөк, эр жүрөк уулдарыбыз бар экен, эл ишенимин актап жатышат* (Осмоналиев).

**ЭР КУЛ** Бирөөнү мактоо, кубаттоо же тамашалоо иретинде колдонулат. *Ата эр кулум ай, мөөрөйдү алдың* (Бейшеналиев).

**ЭР НАЗАР ТИЙГЕН** Иши оңунан чыккан.

**ЭР ОРТОНУ** 45–50 жаштын айланасы, жаш ортосу деген мааниде көбүнчө эркектерге карата колдонулат. *Арзыбай эр ортонунан ашып калган, ошондо эле башкарма* (Каимов). *А түгүл эр ортонуна жакындап калган кишидей* (Абдукаимов). *Касыкем эр ортону – элүү жашта* (Токомбаев).

**ЭР СЫНАР** Чөлдө жашачу кучкачтын бир түрү. *Өзүм чымчык болсом да, Мен эр сынар кучкачмын. Алам деген кыраанды, Бир сынабай учпасмын* (Чалакыз).

**ЭРА** Жылдын саналышы, сүрүлүшү башталган убак, мезгил жана жыл саноонун системасы. *Биз кыргыз элинин тарыхын биздин эрабыздан эки миң жыл мурунтан эсептейбиз.*

**ЭРБЕЙ** Серейип кичинекей көрүнүү. *Төө үстүндө эрбейип, Индус чалдан ал кетти* (Токомбаев). *Жердин үстүн кар басып, эрбейген куурайлар көрүнөт* (Байтемиров). *Айдай эрбейген арчанын түбүнө жашырынды* (Каимов). *Ошол тамдын ээсиз калган эрбейип, Эки-үч күнгө ээлеп жатам төрүн мен* (А.Рыскулов).

**ЭРБЕЙТ эрбей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРБЕНДЕ I** Алыстан сербендеп көрүнүү, билинер-билинбес элестелип кыймылдоо. *Эрбеңдеген көлөкө Келет, кетет изи жок* (Токомбаев). *Эрбеңдешет алыстан Эликтин теке, кураны* (Токтогул). *Отургандыр умсунуп коюп, Эрбеңдеген жаным чабайын.*

**ЭРБЕНДЕТ эрбеңде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРБЕНДЕШ эрбеңде** этишинин кош мамилеси.

**ЭРБЕНДӨӨ эрбеңде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРГЕЖЕЛИ** *туурасы:* **эргежээл.** *Эргежели калкына эки жыл жүрдүм түтүлүп* («Манас» С.О.).

**ЭРГЕЖЭЭЛ** Нормалдуу түрдө өспөгөн, бою өтө эле жапыз адам, кодоо.

**ЭРГИ** 1. Ээлиге жүгүрүү, булкунуп секирүү, ээлигүү, катуу умтулуу. *Көк зоодон эргип чуркаган, Кийиктер мага карагын* (Бөкөнбаев). 2. Толкундоо, көңүлү көтөрүлүү, кубануу. *Эльбрус тоосун ашчудай, Эргип турган кыз кезек* (Нуркамал). *Жүрөк толкуп, көңүлү эргиди* (Сыдыкбеков). *Кыргызым деп, Чыңгызым деп эргисем, Кубангандан жаш кылгырат көзүмө* (Сарногоев).

**ЭРГИЛЧЕК** Жумуру жыгачтарды туурасынан аштап жасаган боз үйдүн, короонун эшиги. *Боз үйдүн эргилчеги. Короонун эргилчеги.*

**ЭРГИТ эрги** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРГИШ эрги** этишинин кош мамилеси.

**ЭРГИШТЕ** Эргүү, толкундоо. *Басылып тентек толкун эргиштеген, Магдырап көлдүн үстү тынчып жатты* (Бөкөнбаев).

**ЭРГИШТЕТ эргиште** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРГИШТЕШ эргиште** этишинин кош мамилеси.

**ЭРГИШТӨӨ эргиште** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРГУЛ** 1. Көк жал, оён, шер, баатыр, азамат. *Бүркүт кабак эргулдарым...келишти* (Сыдыкбеков). *Эргулдар жоону сүрүштү.* 2. *өт.* Наадан. Бирөөнүн айдамалары.

**ЭРГУУЛ** *аңч.* Тордо байланган байлоочтун канатын керип туруучу жыгач.

**ЭРГҮҮ** Адамдын рухий жана кара күчүнүн чыңалышы, оң эмоциялык таасирлерден улам ишмердүүлүк сапат жогорулаган, шыктанган абал, илхам.

**ЭРГҮҮЛ** Жаак сөөктөрүнүн кошулган жери.

**ЭРДЕМ** *диал.* Эр жүрөк, баатыр.

**ЭРДЕМСИ** Баатырсынуу, кыйынсынуу, мыктысынуу. *Эрдемсиген бурутка Кордукту мыктап салабыз* («Манас»). *Эрдемсийт ээ-жаа бербей нечендер, Сынап көрсөң бакылдаганы бекер* (Борбугулов).

**ЭРДЕМСҮҮ эрдемси** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРДИ-ЭРДИНЕ ТИЙБӨӨ** Шакылдап тез-тез сүйлөө, токтобой сүйлөй берүү. *Эрди-эрдине тийбеген Сурмакан токтолбоду* (Сыдыкбеков). **В.: Эрди-эрдине жукпоо.** *Эрди-эрдине жукпай эбирешет.*

**ЭРДЕН ЧЫГУУ ЖЕ КҮЙӨӨДӨН ЧЫГУУ** Күйөөсү менен ажырашуу, күйөөсүнөн ажырашып кетүү. *Чаргындын алган келинчеги үч эрден чыккан Айша деген болучу* (Сыдыкбеков).

**ЭРДИК** Баатырлык, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, тайманбастык. *Ат жоорутмак – тердиктен, найза саймак – эрдиктен* (макал). *Эрдик билекте эмес, жүрөктө* (макал).

**ЭРДИН КЕСЕ ТИШТӨӨ** Абдан өкүнүү, өкүттө калуу. *Букарбай булардын шартын укканда абдырай түшүп, эрдин кесе тиштеди* (Бейшеналиев). *Атай жакшы кабардан куру калганына ызаланып, эрдин кесе тиштеди* (Каимов).

**ЭРДИН ТИШТӨӨ** 1. Башкаларга билгизбей эрдин тиштөө аркылуу кимдир бирөөгө купуя оюн билгизүү, ишарат кылуу. 2. Ызырынуу, кекенүү, бирөөгө карата ичинде кек сактап жүрүү.

**ЭРДӨӨ** Идиштин оозгу кыры. *Туурагандa эт табактын эрдөөсүнөн болду. Отургандарга бозо бир сыйрадан жаңы эле куюлса керек, аны мискейдин эрдөөсүнөн эки эли гана ылдыйлаган бозонун изи айтып турат* («Ала-Тоо»).

**ЭРЕГИШ** Атаандашкандык, атаандашуу-

чулук, атаандашкан уруш, чатак, талаш-тартыш. *Эрегиште эр өлөт* (макал). *Эр жигит үйдө жатабы Эрегиш майдан кезинде* (Осмонкул). *Эрегишип жүргөнчө Элчиликке келелик* («Курманбек»). *Экөөнү бирөө жеңбейби, Эрегишип жоолашса* (Осмонкул).

**ЭРЕГИШТИР эрегиш** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРЕГИШҮҮ эрегиш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРЕГИШЧИ** *диал.* Жааттboard*.* *Чуу көтөргөн эрегишчилер жок эми.*

**ЭРЕЖЕ** 1. Жыгач уста тактайга так, тилке, белги түшүрүп алууучу жип. 2. Белгилүү негизге таянган жобо, шарт, тартип. *Жайыттар зоотехникалык эреже боюнча бөлүнгөн* (Сыдыкбеков). *Догма-эреже, жармашпа эми жакама, Аткарайын парзды өзүнчө адамдык* (Байгазиев). *Окуучулардын эрежеси.*

**ЭРЕН** 1. Эр, баатыр, эр жүрөк, шер. *Көк ырапыс тон кийген, Көк жал Чубак эренге айт* («Манас»). *Найза сунчу берени, Ай балта чапчу эрени* («Сейтек»). 2. Дайынсыз, өтө алыс жер, элдин алыскы чет жакасы. *Бирөө кетти Эренге* («Манас» С.К.). 3. **эрөөн** менен бирдей. *Эрен-төрөнү жок, бара беребиз.*

**ЭРЕНЧЕ** Эпосто: жеңил тон. *Эренче тонун кийишип, желбегей жорго минишип* (фольк.).

**ЭРЕҢДЕ** Бой көтөрүү, чоңсунуу, кекирейүү. *Эркексинип эреңдеп, кан болдум деп сереңдеп* (фольк.).

**ЭРЕРКЕ** Ичинде бугу, кайгысы, сагынычы бар адамдын жакын санаган адамды көргөндө токтоно албай жашуу, көзүнө жаш алуу; өзүн кармай албоо. *Кыргыз тоолорун көргөндө, өзүнүн энесин көргөндөй эреркеп, жашы көзүнө толо калды (Токомбаев). Абыл жолдошторуна эреркеп «бу-у!.» – деп ыйлап жиберди* (Касымбеков).

**ЭРЕРКЕТ эрерке** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРЕРКЕШ эрерке** этишинин кош мамилеси.

**ЭРЕРКӨӨ эрерке** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРЕСЕ** Эр жеткен чак, өсүп жетилген учур. *Энеден жалгыз туулуп Эресеге мен жеттим* («Курманбек»).

**ЭРЕШЕН: эрешен тартуу** Балакатка жетип, бой тартуу, күчкө толуу. *Эрешен тартып эр болуп, Эр уулу менен тең болуп, Өзүм Кыяз болгону* («Сейтек»).

**ЭРИ** 1. Жылуулуктун, ысытуунун ж.б. таасири менен суюктукка айлануу, суюлуп же көлкүлдөп жибип кетүү (катуу, тоң нерселерге карата). *Жаз келип, карлар эрип, жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап, курт кыбырап* (Турусбеков). *Май эриди. Муз эриди. Ийилбеген темир жок, Эрибеген болот жок* (Үмөталиев). 2. *өт.* Кызыктуу, уккулуктуу сөздү, ырды же жомокту берилип, аябай көңүл салып угуу, уюп калуу. *Эл жаагын жаныган жигиттин сөзүнө эрип тыңшоодо* (Бейшеналиев). *Кемпирдин уккулуктуу жомогуна баарыбыз эрип калган экенбиз* («Кыргыз Руху»). 3. *өт.* Дем тарта албай көгөрүп ыйлоо, катуу ыйлоо (кичинекей балдарга карата). *Чыркырап эрип ыйлаган баланын үнү угулду* (Каимов).

**ЭРИГҮҮ эрик** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРИДАН** *астр.* Түштүк жарым шардагы өтө жаркырак топ жылдыз.

**ЭРИК I эрк** менен бирдей.

**ЭРИК II** 1. Кылар иш жок, бекер, бош жүрүүдөн, бош отуруудан тажоо, зеригүү. 2. Сүйлөшөөр, сырдашаар адамдын жоктугунан зеригүү. *Эриктим жылкы четинде, Эскерип келчи сүйгөнүм* (Айталиев). *Бечара карып боздосо, Эриккен көңүл басылбайт* (Казыбек). 3. Эринүү, жалкоолонуу, мойну жар бербөө, тажоо. *Эригип кедей жатпагын Таппайсың андан пайданы* (Тоголок Молдо). *Окуп отуруп эригип кеттим.*

**ЭРИКТИР эрик** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРИКЧЭЭЛ эринчээк** менен бирдей.

**ЭРИН I** Ооздун булчундуу, кыймылдуу келген астыңкы жана үстүңкү кырка бөлүктөрү. *Камканын кебездей жумшак эриндери Мыскалдын бетине жабыша түштү* (Сыдыкбеков).

**ЭРИН II** Жалкоолонуу, көңүлү келбөө, мойну жар бербөө, эригүү. *Белсенип жумуш кылгандан Акылсыз адам эринет* (Токтогул).

**ЭРИНТ эрин** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРИНҮҮ эрин** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРИНЧЭЭК** Иш кылганда эринген жалкоо, шалаакы, эрикчээл. *Эринчээк болот кээ бирөө, Эчтеке келбей колунан* (Осмонкул).

**ЭРИТ эри** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРИТИЛ эрит** этишинин туюк мамилеси.

**ЭРИТКИЧ** *диал.* Күмүш буюмдарга оюу түшүрүү үчүн кошундуларды аралаштырып ала турган, сырты темир, ичи чопо чөйчөк. *Ал чөйчөктү эриткич дейбиз.*

**ЭРИТМЕ** Бир же бир нече металлдын, заттардын тазаланган накта эритиндиси же кошулмасы. *Металл эритмеси.*

**ЭРИТҮҮ эрит** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРИШ БУЗУУ** 1. Тартипти, салтты бузуу, ынтымакты, ыркты кетирген кылмыш кылуу. *Эр өлтүрүп, эриш бузганым жок Мыкты болсо эр Түлкү, Эриш бузуп, эл чапсын* (фольк.). *Аш тарады, эл кетти, Эриш бузуш башталды* (Тоголок Молдо). 2. Бирөөнүн үй-бүлөсүн бузуу, араздаштыруу.

**ЭРИШ** Өрмөктүн, ар кандай кездеменин токулушунда узунунан кетчү жиби, негизи. *Эшегине карай тушагы, эришине карай аркагы* (макал). *Асыл жибектин эришин чубап көрдү* (Сыдыкбеков).

**ЭРИШ-АРКАК БОЛУУ** Бири-бирине жардамдашып жөлөк-таяк, таяныч болуу, ынтымакташуу, биргелешүү. *Калык ырчыны таап, таанышып, аны менен эриш-аркак болуп, анын төрүндө ызаттуу мейман*

*катары байырлады* (Бейшеналиев). *Алардын эриш-аркак болуп кеткенине жан үрөп иштедик* (Бердикеев). *Эриш-аркак болуп оокат кылалы* (Жартөшев).

**ЭРИШ ТАРТУУ** Катар тизилүү, кыркалай туруу. *Чиркешип бир-бирине тизген тоодой, Курчалып керме тоону тарткан эриш* (Бөкөнбаев).

**ЭРК** *псих.* 1. Адамдын өзүн-өзү кармай билүү, көздөгөн максатын иш жүзүнө ашырууга умтулган сапаты, касиети. *Эрки күчтүү адам. Эркти тарбиялоо. 2.* Каалагандай, эркинче болуучулук, ойлогонундай иш кылуучулук. *Энебиздин энчисии Эркибизче алалык* («Эр Табылды»). *Суйдүрүү же күйдүрүү, Өзүңөрдүн эркиңер* (Маликов). *Өзүм билем, не иштесем эрк менде, Жан алдында баш салынтып барбаймын* (Тыныстанов). 3. Боштондук, азаттык, тендик, эркиндик, тең укуктуулук. *Жерсиз элем жер берди, Малай элем эрк берди* (Токтомушев).

**ЭРКЕ** 1. Жакшы көрүүчүлүк сезимге, өзүн сүймөнчүктүү экендигин сезгендикке байланыштуу жароокерлик, жагалдангандык. *Эркин тоонун эркин эрке кыздары, Келгилечи, көңүлдү биз ачалы* (Турусбеков). 2. Эркелеп, өз оюндагысын кылган, каалаганын иштегиси келген, обу жок чалжактаган (көбүнчө жаш балдарга жана көп эркелеген жаш аялдарга карата). *Жоргонун тери кургабайт, эркенин жашы кургабайт* (макал). *Ажар үркүнгө чейин жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү* (Баялинов). *Эрке бала ошондой, эмгегиңди баалабайт* (Борончиев). *Эрке аял.* 3. Бирөөнү жакшы көрүп эркелеткенде айтылат.

**ЭРКЕ БАЛА** Жородо, шернеде оюн-тамаша баштоого, уюштурууга дайындалган адам же жоронун билерманы. *Талпынып, көтөрүлө албаган үч жорунун экөөнү жыга чаап, бирин чырмап эрке балага тирүү алып келишти* (Осмоналиев).

**ЭРКЕ ТАЛТАҢ** Обу жок, жөнү жок, эң эле эпсиз эрке. *Жылдызкан Кумриханга окшогон эрке талтаң кыздардан тил укса да ыйлаган эмес* (Байтемиров).

**ЭРКЕК** Адамдын, айбандын, жаныбардын ж.б. эр жыныстуусу. *Кызым тогуз, эркек жок* («Эр Төштүк»). *Эркек бала. Эркек торпок.*

**ЭРКЕК КАРГАДАЙ ЧОКЧОНДОО** Жөнү жок, ыгы жок бирөөгө корсулдоо, ыгы жок кыр көрсөтүү. *Эркек кара каргадай, Чокчоңдогон сен кимсиң?* («Семетей»).

**ЭРКЕК ТАНА** Эркек бала, эркек аты бар. *Эркек тана эмеспи, алы келбесе да аракет кылып, тырбалаңдап жатат, – деп чоң ата небересине ичинен ыраазы болгондой* («Ала-Тоо»). *Эркек тана бойдокчулук кылган уландарды ээрчип кетти* (Токомбаев).

**ЭРКЕКТИК** Эркекке таандык, эркек кишиге мүнөздүү.

**ЭРКЕЛЕ** Бирөөгө (мис. ата-энесине) эркелик кылык көрсөтүү. *Төрдө отурган кичине кыз энесине эркелеп, мойнунан кучактады* (Сыдыкбеков). *Эл ичинде эркелеп, Сайрап жүрдүк бир кезде* (Казыбек).

**ЭРКЕЛЕҢ** *диал.* Эрке-талтаң. *Мен болсо дале эркелеңмин.*

**ЭРКЕЛЕТ эркеле** этишинин аркылуу мамилеси. *Эркелетсем Насырды, Эриккен көңүл жазылды* (Казыбек).

**ЭРКЕЛЕШ эркеле** этишинин кош мамилеси.

**ЭРКЕЛӨӨ эркеле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРКЕТАЙ** 1. Эрке болуп, эрке өскөн бала, адам. *Абасынын доорунда Эркетай өсүп калыптыр* («Эр Табылды»). 2. Жакшы көргөн адамын (көбүнчө кыздарды, аялдарды) эркелетүү маанисинде айтылат. *Эрдин жары эркетай, Эскерип койсо көңүл жай* (Калык). *О, каралдым, эркетайым!*

**ЭРКЕЧ** Биттелген, үч жаштан жогорку эчкинин эркеги (үч жашка чейинкисин серке дейт) *Каңгаал ирик эркечтер, Мөнүзбөстөн жол баштап* («Эл адабияты»). *Мүйүздөрү кайчылаш чоң эркечти ээрчип, койлор чоң коктуну көздөй чубурат* (Абдукаримов).

**ЭРКИН** 1. Бош, өз алдынча жүргөн, кайтарууда, кыстоодо эмес. *Талаадагы эркин кийик Дыргып барып карашат* (Токомбаев). 2. Эрктүү, көз каранды эмес. *Эркин тоонун эркин эрке кыздары, Келгилечи, көңүлдү биз ачалы* (Турусбеков). *Жүрөгүңүз назик беле ушундай, Эркин учкан тоо бүркүтү – кушундай* (Акматалиев). 3. Жат, машыккандай, так билгендей. *Харитонов өзбек тилинде эркин сүйлөйт* (Абдукаримов).

**ЭРКИН КОТОРМО** *адаб.* Чыгарманы бир тилден экинчи тилге которгондо, котормо сөзмө-сөз болбостон, жалпы мааниси сакталуу менен экинчи тилге өтүшү.

**ЭРКИН ЫР** *адаб.* Ыр түзүлүшүнүн айырмалуу бир түрү. Бул түрүндө ыр саптарынын бирдей муун өлчөмдөрдө сөзсүз болушу, басымсыз же басымдуу болушу шарт эмес, мында негизги нерсе интонацияга, ритмге, паузага, эмоцияга, декламациялуулукка маани берилет. *Жолдошум, сен, Тышка чык. Кабинетке камалба. Мында кел, Турмуш арала* (Элебаев).

**ЭРКИНДЕ** Эркин болуу, эркинче, өз алдынча жүрүү. *Кыл аркандын селкинчек, Кыздар ойноп эркиндеп* (Бөкөнбаев). *Көлдөгү сүзгөн өрдөк, каз Эркиндеп учкан турбайбы* (Турусбеков).

**ЭРКИНДИК** Боштондук, көз каранды эместик, эркин, тең укуктуулук. *Эркиндик тийип кедейге, Энчини берди экилеп* (Осмонкул).

**ЭРКИНЧЕ** Каалаганынча, өз эрки, өз оюменен, самаганындай. *Эркинче көрүп жыргалды, Эч кимдер өтпөйт бул жайдан* (Казыбек). *Аңызда эркинче оттоп, эркинче семирген бөдөнө учту* (Сыдыкбеков).

**ЭРКСИЗДЕН** Айласыздан, амалсыздан; атайлап эмес, андоосуздан күтпөгөн жерден. *Эрксизден эзилгенбиз бечара калк* (Калык).

*Нина Леонтьевна Динар тентектин сүйлөгөн сөзүнө эрксизден күлүп жиберди* (Сыдыкбеков).

**ЭРКТҮҮ** 1. Эрки бар, өзүн өзү кармай билген, эрки күчтүү. *Эрктүү жигит анын ушактаган сөзүнө көңүл бурган да жок.* 2. Эркиндик, теңдикке жеткен, тең укуктуу. *Эми билдим баркыңды Эрктүү күндө чоң болгон* (Казыбек). 3. Өз ыктыяры, өз эрки, өз каалоосу менен; өз алдынча, өз эркинче. *Жигиттер эрктүү түзүлгөн отрядга кошулуша баштаган* (Бөкөнбаев).

**ЭРЛИК** **эрдик** менен бирдей.

**ЭРМЕ ЧӨЛ** Эч нерсе өнбөгөн какыраган ысык талаа, какшыган чөл. *Бир нече күн жүрүп, бир ээн талаа, Эрме чөлгө туш келдим* (Каралаев).

**ЭРМЕК** 1. Эрикпей ойноп-күлөр, көңүл ачар тамаша, оюн. *Эригип жүрөт жолоочу, Эрмекке чакыр бирөөнү* (Үсөнбаев). *Жаан күнү эрмек кылып тогуз кумалак ойношту* (Байтемиров). 2. *өт.* Бала. *Бектурдун эркелеткен эрмеги жок кейип жүрөт* (Сыдыкбеков). *Эсен болсун эже менен агайлар, Эрмектериң сага келип пааналар* (Тыныбеков).

**ЭРМЕКТЕ** Эрмек кылуу, эрикпей, зеригип кетпей, бир нерсеге көңүл алагды кылуу, убакыт өткөрүү. *Эриккенде элиме Эрмектеген дастаным* (Токтогул). *Динар менен Келген эрмектешип келатышты* (Сыдыкбеков).

**ЭРМЕКТЕЛ** **эрмекте** этишинин туюк мамилеси.

**ЭРМЕКТЕШ** **эрмекте** этишинин кош мамилеси.

**ЭРМЕКТӨӨ** **эрмекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРМЕН** Кермек, ачуу даамдуу, башында майда, тоголок бүдүрлөрү бар куурай. *Биз эрмен, меңдубана, акшар аралаш куурайларды эки күнү чаап жыйнадык* (Жантөшев).

**ЭРМЕШ** 1. Туткактап жабышып, чапташуу. *Эрмешип этегине темтеленңдеп, жаш бөбөк, тили таттуу «энекелеп».* 2. Артынан калбай жүрүү. *Өлгүчө этегине эрмешип, жакасына жармашам.*

**ЭРМИТАЖ** *сүр.* Ленинграддагы тарыхый маданий жана көркөм музей, дүйнөдөгү ири музейлердин бири.

**ЭРОЗИЯ** 1. *геол.* Шамалдын, селдин өндүрүшкө байланыштуу терс таасирлердин натыйжаларында кыртыштын бузулушу. 2. *мед., вет.* Теридеги, былжыр челдеги майда жара. 3. Темирдин электрдик, механикалык таасирлердин натыйжасында бузулушу.

**ЭРӨӨЛ** 1. Жекеме-жекеге чыгышкан салгылашуу, күч сынашуу, сайыш, чабыш. *Эрөөлгө чыгып сайышса эрдигине чара жок* («Манас»). *Эрөөлгө чыгып эрендер Эки-экиден урушту* («Манас»). *Эрөөлдө Манас – кыпкызыл оттуу чагылган! Ажалын табаар ажал да болсо кабылган* (Мамбеталиев). 2. Чалгын, чалгындоо иши. *Эрөөлгө чапты эрендер, Бууданды минген берендер, Мен баатырмын дегендер* («Манас»). *Эрөөлгө чыккан Кара дөө, Белге чейин барды эми* («Семетей»).

**ЭРӨӨЛДӨ** Андуу, байкоо. *Бирок анын тилегин эрөөлдөп, айылды сырттан багып калышкан Самтырлар бузду.*

**ЭРӨӨЛСҮЗДҮК** Таянычы жоктук, тиреги жоктук, өзүн-өзү коргой албагандык.

**ЭРӨӨН** Өөн көрүнгөндүк, адаттан тышкары, тескери сезилгендик. *Ал өзүнүн айтканын эрөөн албай, Мыскалга карады* (Сыдыкбеков). *Бойго жеткен кыздын айылчылап, бекер жүрүшү эрөөн эле* (Жантөшев). *Омокеев досунун уу-чуусуз, жалгыз өзү тосуп чыгышын эрөөн көрдү* («Ала-Тоо»).

**ЭРСИ** Өзүн баатырга, мыктыга теңөө, эрдемсинүү, өзүн шер, мыкты көрсөтүүгө аракеттенүү. *Эрсип эси кеткендер, эшекке минип чабышты.*

**ЭРСИН** **эрси** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭРСИНИШ** **эрсин** этишинин кош мамилеси.

**ЭРСИНҮҮ** **эрсин** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭРТЕ** 1. Эртең менен, күн чыга электе, азандан. *Эрте туруп, кеч жатып Эмгек десе талбаган* (Нуркамал). *Зарыл эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков). 2. Белгилүү бир убактан мурда, убактысы, маалы жете электе, маалынан мурун кеч калбай. *Эрте бышкан алма. Ишти эрте бүтүрүү.*

**ЭРТЕ КҮНДҮ КЕЧ КЫЛБАЙ** Кечиктирбей, узартпай, тезирээк, эртерээк, көпкө созбой. *Баргыла эми, эрте күндү кеч кылбай* (Абакиров). *Кой, муну кийин угарсыңар, эрте күндү кеч кылбай жолдон алыстагыла* (Медетов).

**ЭРТЕГИ** Өткөн заман, мурда өткөн, илгерки. *Эртеги өткөн окуя. Эртеги сөз. Эртегинин жомогу, Айтпай койсок болобу* (фольк.).

**ЭРТЕЛЕ** 1. Эртең менен, күн чыга, таң азандан аракетке, ишке өтүү, камылга көрүү. *Элибиздин баарысы Эртелеп турат кызматка* (Калык). 2. Кечикпей, эрте, күн мурунтан киришүү, камдануу, аракет жасоо. *Кемпир, эртелеп казан ас!* (Сыдыкбеков). *Эмгектүү мендей бар бекен, Эртелеп элден кутулган* (Казыбек). *Ишти эртелеп бүтүрүү.*

**ЭРТЕЛЕН** **эртеле** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭРТЕЛЕТ** **эртеле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭРТЕЛЕШ** **эртеле** этишинин кош мамилеси.

**ЭРТЕЛИ:** **эртели-кеч** Эртең менен жана кечкисин; ара-чолодо. *Эртели-кеч ишке кол тийгизе коюп жүрсөң, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* («Жаш ленинчи»). *Эртели-кечте эстесем, Эки көзүм чачырап, Ошол жерге кудайым, Жеткирер бекен батыраак!* (Казыбек).

**ЭРТЕЛИК** Убакыттын абдан эртелиги. *Күндүн мынча эртелигине карабастан.*

**ЭРТЕҢ** 1. Өтүп жаткан күндүн соңку күнү, бүгүнкүнүн эртеси. *Бүгүн көргөн эртең*

*жок, Ушундай болот дүйнө шок* («Манас»). *Эртең майрам, күн жетинчи ноябрь* (Осмонов). 2. Жакынкы келечекте, жакын арада, жакын күндө. *Ооба, эжекелер, аман болсок, эртең эле көрүшөрүбүз чын* (Сыдыкбеков).

**ЭРТЕҢ МЕНЕН** Күн чыгардын алдынан тарта күн бир аз көтөрүлгөнгө чейинки убакыт аралыгы. *Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал* (макал). *Таң эртең менен Дүйшөнкул келди* (Бөкөнбаев). *Адатынча, көк эшегинин канжыгасына орогун кыстарып, адырга жөнөдү эртең менен* (Мырзаев).

**ЭРТЕҢКИ** 1. Келерки, кийинки күнкү. *Чыдабай күтөт кыз, келин Эртеңки таңдын атканын* («Мендирман»). 2. Жакынкы келечектеги, жакын арадагы, жакынкы күндөрдүн ичиндеги. *Кубанчы мол, үмүт зор Эртеңки болор жеңиштен* («Мендирман»).

**ЭРТЕСИ** Кийинки күнү, бир күн кийин. *Барган күнү күн ачык болду эле, эртеси күн жаады* (Байтемиров). *Эртеси анын таңында, Эл менен жумуш шаңында* («Ала-Тоо»).

**ЭРУДИТ** Билими терең, маалыматтуу, көп окуп, көптү билген адам.

**ЭРУДИЦИЯ** Илимдин белгилүү бир тармагын өтө терең билгендик, салмактуулук, маалыматтын толуктугу.

**ЭРҮҮ** **эри** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭС** 1. Акыл, ан-сезим. *Эсиң болсо жигиттер, Капа кылбай тилдебей, Кайрыла жүр жетимге* (Токтогул). *Батыш эси жок энесинин тилин албады* (Байтемиров). 2. Ойдо сактоо, унутпоо жөндөмдүүлүгү. *Мыскалдын Крымга, Артекке барганы эсинде* (Сыдыкбеков). *Сенин ошондогу мага айткандарыңдын бардыгы эсимде* (Жантөшев). *Кыргыз десем, Чыңгыз келет эсиме, Чыңгыз десем кыргыз келет эсиме* (Сарногоев). *Эсиңдеби, Чыңгыз, ошол тынч жаткан, Ливанды мен келет кайра ырдагым* (Гамзатов). *Эсиңдеби, Чыңгыз, өзүң экөөбүз Болгонбуз Бейрутта бир мейманда* (Гамзатов). *Эсине салып коюу керек.*

**ЭС-АКЫЛЫНА КЕЛҮҮ** *к.* **эсине келүү.**

**ЭС АЛУУ** Тыныгуу чаалыкканын жазып, калыбына келүү, көңүл сергитүү. *Аба жуттум, кымыз ичтим, эс алдым* (Үмөталиев). *Күлбүбү эс алып, бир уктап турду* (Убукеев). *Эс алайынчы деп, бир бош скамейкага барып отура кетти* (Баялинов). *Бир аз эс алып, анан жөнөөгө болот* (Жантөшев).

**ЭС-МАС** Бир нерсени даана сезе албай бүдөмүк, чала-була бүшүркөгөндөй, сергек эмес абалда, көбүнчө эсин жоготуп бараткандай же уйку-соонун арасында болгондой учурларга карата. *Келин эс-мас болуп өзүнө келе албай жатат деп үрпөңдөшүп, бетине суу чачышты* (Бейшеналиев). *Чоюбек уйкудан көзүн ача албай эс мас далдырагынынан чыйрала боюн жазат* (Бейшеналиев).

**ЭС ТОКТОТУУ** Акыл-эс кирип, чоңоюп ар нерселерге түшүнө баштоо. *Апам кийинчерээк мен эс токтотуп калган кезде каза болду* («Ала-Тоо»).

**ЭС-УЧ** Ан-сезим, ой, адамдын психологиялык абалы. – *Токто! Арам өлгүр, союп салам!* – *деп, эс-учун жыя албай жинденген Танабай камчы сап менен жоргону тумшукка берип-берип алды* (Айтматов).

**ЭС-УЧУН ЖОГОТУУ** Эстен танып, эч нерсени сезбей, эси ооп калуу. *Эс-учун жоготуп алдан тайып турган баланы мүрзөгө алып барышкан жок* (Өмүрбаев). *Төлөмүштүн көзүнөн от чагыла түшүп, эс-учун жоготуп койду* (Бердикеев). **В.: Эс-учун билбөө.** *Төлөмүш андан чыккандан кийин эс-учун билбей жыгылып калды* (Бердикеев). *Мен эс-учумду билбей жатып калып, сизди аябай кыйнаган турбаймынбы* (Саатов). **Эс-учунан ажыроо.** *Же уктаганы, же эси ооганы белгисиз болуп, кайрадан эс-учунан ажырады* (Осмоналиев). **Эс-учунан тануу.** *Баласы эс-учунан танып, күн сайын оордоп баратыптыр* (Бейшеналиев). **Эсинен тануу.** *Жалгыз баласынын жоодо калганын угуп, шордуу эне эсинен танып жыгылды* (Укаев). *Кыдырбектин кабарын угуп, Бермет эстен танды* (Абдукаимов).

**ЭС-УЧУН ЖЫЙНОО** 1. Акыл-эсине келүү, эсин жыюу, эстен тангандан кийин кайта калыбына келүү. *Эс-учун жыйнап, дароо жер таянып, эки жагын карады* (Ашымбаев). 2. *өт.* Эстен тандыргандай курч эмоционалдык абалды өткөргөндөн кийин кайрадан өзүнө келүү, акыл-эсин токтотуу. **В.: Эсин жыюу.** *Кийин эс-учумду жыйган күндөн тартып, Күкөнүм көз алдыман кетпей койду* (Өмүрбаев). *Мен эсимди жыйып, эки жагымды карасам, ак кийинген чоочун адамдар турат* (Жантөшев). *Кудайберген далайда барып эсин жыйды* (Мырзаев). *Садык эсучун жыйбай, оорусу кармап жатып калды* (Сыдыкбеков). **Эсине келүү.** *Акбалбан эми эсине келип, маң болуп туруп калды* (Касымбеков). *Мени кош аттап докторго алып келишет. Эртеси түштө эсиме келем* (Жантөшев).

**ЭС-УЧУН ЖЫЮУ** *к.* **эс-учун жыйноо.**

**ЭС-ЭС БИЛҮҮ** Ачык, даана эмес, бүдөмүк, элес-булас билүү. *Бул ашуунун таталал, тайгак жерлерин бала чакта көрүп, эсэс гана билем* («Советтик Кыргызстан»).

**ЭСЕ** 1. Ирет, мертебе, жолу. *Планым ашат эки эсе, Кырманыма береке* (Осмонов). 2. Барабар, тең, тете. *Өлгөндү сурасаң тирилгенге эсе* (макал).

**ЭСЕБИ ЖОК** Эң эле көп, болжолсуз, чемсиз. *Макел Дөө деген балбаны Эсеби жок чоң экен* («Манас»). *Эчки, теке, кийиктер, Эсеби жок семирген* (Токтогул). *Аларда малдын эсеби жок. Эсеби жок Эр Төштүк* («Эр Төштүк»).

**ЭСЕБИН ТАБУУ** Кандайдыр бир нерсенин ыңгайын, жөнүн, шартын таап тууралап коюу. – *Кана, жүргүлө, булардын эсебин өзүбүз табабыз* (Элебаев). *Эсил башың чаппасам, Эсебиңди таппасам* («Сейтек»). *Бардык кекти аларбыз. Эсен болуп эл турса, Эсебиңди табарбыз* (Бейшеналиев). *Чын*

*эсебин табайын, Чыркыратып бул таздын Башын кыя чабайын* («Эр Төштүк»).

**ЭСЕЙ** 1. Чоңоюп, эс тартып калуу. *Эсейип алса ал чоро, так эшектей кардың жарбайбы!* 2. *диал.* Эси оо, эсин жоготуу. *Шол күрөштөн кийин ал эсейип каган.*

**ЭСЕЛЕ** Бир нече эсе, бир канча мертебе көбөйтүү, ашыгы менен төлөтүп, арттырып алуу. *Эки эселеп төлөп берди.*

**ЭСЕЛЕК** 1. Акыл-эси толо элек, эс кире элек. *Эшиктин алдында эки-үч жашар эселек кыз ойноп отурат.* 2. Акылсыз, эс-акылы жок, женил ойлуу. *Эселек сендей айбанды Эр деп айткан оңобу* («Семетей»). *Эстүү – көпчүл, эселек – тууганчыл* (макал). *Эселек күнүң туман, эркиң жатта, Боору эрип, имерилбес айткан датка* (Тыныстанов).

**ЭСЕЛЕКТИК** Акылы, эси өсүп жетиле электик.

**ЭСЕЛЕН** **эселе** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭСЕЛЕТ** **эселе** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСЕЛӨӨ** **эселе** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСЕН** Аман, сак-саламат, соо. *Эсен барсам элиме, Тилегиме жетемин* (Токтогул). *Алмамбет, Чубак эки шер Эсен-аман соо барбы?* («Манас»). *Айран-сүтүн көлдөтүп, Малдарды эсен багалы* (Осмонкул). *Эл ичинде барарбыз, Эсен болсок кайрылып* (Казыбек). *Күн да жылып, мен да жылып ат койдум, Эсен-аман жүргүн элдин ичинде* (Чоробаев).

**ЭСЕНГИРЕ** Алдан-күчтөн таюу, эс-учун жоготуп коюу, алсырап дармансыз боло түшүү. *Андан аркы кадамын шилтөөгө алы келбей, эсенгирей түшүп отуруп калды* (Саспаев). *Андан ары сөзүн айтпай, жөтөлө, эсеңгирей түштү.*

**ЭСЕНГИРЕТ** **эсенгире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСЕНГИРЕШ** **эсенгире** этишинин кош мамилеси.

**ЭСЕНГИРӨӨ** **эсенгире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСЕНДЕШ** Ден-соолугун, ал-абалын суроо, учурашуу, амандашуу. *Алмамбет, Сыргак, эр Чубак Аман-эсен Манаска Эсендешип көрүштү* («Манас»).

**ЭСЕНДЕШҮҮ** **эсендеш** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСЕНДИК** Амандык, сак-саламаттык, дени сактык. *Эсендик тилеп туралы, Өзүбүздөн өткөн бар, Азаптуу ызгаар кыш өтсө, Артынан келер көктөм бар* (Казыбек). *Тилектин түбү эсендик, саламат болсок болгону.*

**ЭСЕНЧИЛИК** **эсендик** менен бирдей.

**ЭСЕП** 1. Ар кандай нерселердин саналып, саны тактальп чыгарылган жалпы жыйынтыгы, канча экендигин көрсөткөн жалпы саны. *Күн эсеби белгилүү Жылда болот турбайбы* (Алыкулов). *Кеткенине жети күн Болду бүгүн эсеби* (Үсөнбаев). *Малдын жалпы эсеби. Эмгек күндүн эсеби. Акчанын эсеби.* 2. Арифметика. *Эсептен сабак берген Сартбаев балдардан сабагын сурай баштады* (Сыдыкбеков).

**ЭСЕП ЖЕТКИС** Эң эле көп. *Чыңгыс хан эсеп жеткис жоокерлерин темирдей тартип менен башкарып тургандыгын дагы бир ирет көрсөттү* (Айтматов).

**ЭСЕП-КЫСАП** Ар кандай эсеп иштери, эсепке тийиштүү маалыматтар. *Кампанын эсеп-кысабын жатка билген киши экен* (Бейшеналиев).

**ЭСЕПКОР** Зыкымданып, бардыгын эсептеп, эсеп жүргүзүп турган, эчтемесин кемитпөөнүн аракетин кылган пейли тар. *Эсепкор кишинин колунан тыйын чыгуу кыйын* («Чалкан»).

**ЭСЕПСИЗ** 1. Эсеп жетпеген, сансыз, эң эле көп. *Дыйканбайдын согуму үчүн элден эсепсиз чыгымдар жыйылган* (Бөкөнбаев). 2. Болжолсуз, ченемсиз, өтө эле, абдан. *Эсепсиз кымбат мүлкүмдү Энчилеп элге таратам* (Токомбаев).

**ЭСЕПТЕ** Эсебин алуу, эсебин чыгаруу, саноо, санак жүргүзүү. *Эмгек күндү эсептеп, Дептерлерге жазалы* (Турусбеков).

**ЭСЕПТЕЛ** **эсепте** этишинин туюк мамилеси.

**ЭСЕПТЕТ** **эсепте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСЕПТЕШ** **эсепте** этишинин кош мамилеси.

**ЭСЕПТӨӨ** **эсепте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСЕПТҮҮ** Эсептешкен, эсеби бар. *Эсептүү дос айрылбайт* (макал).

**ЭСЕПЧИ** 1. Эсептөөчү, эсеп, санак жүргүзүүчү адам. *Эмгекчинин эмгек күнүн тууралап, Эсепчилер иш планын тактасын* (Осмонкул). 2. Жыл сүрүүчү; күнгө, айга карап аба ырайынын, жылдын кандай боло тургандыгын болжоп айтуучу киши. *Жыл сүрүп, жыл эсепчиси сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Же Күн, ай санаган эсепчи зыялы абышка белем.* (Абакиров).

**ЭСЕПЧИЛИК** Эсеп жүргүзө билүүчүлүк.

**ЭСЕР** 1. Жеңил ойлуу, шашма. 2. Эс-акылы ордунда эмес, жинди чалыш, акылы кем. 3. Эси жок, акылга толо элек. *Эс-мас – эсер мас болуп* («Манас» С.О.). *Эсер Чонтой энтелеп, Эшигин таппай темселеп* (Тоголок Молдо). *Эси жок, эсер ээмдин Оюнда азыр эт барбы?* (Тоголок Молдо).

**ЭСЕРДИК** Жеңил ойлуулук, кем акылдык, акылсыздык, дардаңпоздук.

**ЭСИ-ДАРТЫ** Бүт ойлогон ою, санаасы, тилеги. *Анархандын эси-дарты эшиктеги Каныбекте* (Жантөшев).

**ЭСИ ЖАРЫМ** *к.* **жарым эс.**

**ЭСИ КЕТҮҮ** Эмне кыларын билбей дал болуу, айласы куруу. *Мына ушундай ойлор менен башын айлантып, эмне кыларын билбей эси кетип жүрүшөт* (Алыбаев). – *Сен кайдан?... Сен кайдан?... деп, эси кетип, жамын-*

*чысын колуна илештире албай аны чүмкөнөйүн деди, ошого далдаланайын деди* (Касымбеков).

**ЭСИ-КӨӨНҮНӨН КАЛБОО** Эч унутулбоо, такыр унутулгус, эстен кеткис болуу (өтө оор же абдан кубанычтуу иштерге карата). *Өткөн кылымдагы Музооке бабасынын кордугун эми өзү тарткананы Байымбеттин эси-көөнүнөн калбас болду* (Бейшеналиев). **В.: Эси-көөнүнөн кетпөө.** *Бул түн Алымкулдун эси-көөнүнөн кетпей турган эң бактылуу түн болду* (Абдукаримов).

**ЭСИ-КӨӨНҮНӨН КЕТПӨӨ** *к.* **эси-көөнүнөн калбоо.**

**ЭСИ ООП КАЛУУ** Эс-учун жоготуп, эч нерсени сезбей калуу, дел боло түшүү. *Бүтүн колу менен сыйпалап көргөн Төлөмүштүн эси оой түштү* (Бердикеев). *Ал чыгып кеткенден кийин Качике эси ооп, бир топко далдырап жатып калды* (Абдукаимов). *Уу тырмакта мыкчылып, Эси ооп, талганды айт* (Барпы). **В.: Эси эңгирөө.** *– Мейли... деди ал эси эңгиреп* (Касымбеков). *Булар чыгып кеткен соң Сылыйдын эси эңгиреп, заманасы куурулду* (Исмаилов).

**ЭСИ ЧЫГУУ** Коркуу, коркуп, чочуп кетүү. *Мылтык атылар замат тула боюм дүрүлдөп, эсим чыгып кетти* (Жигитов). *Тамак иче баштаганыбызда эшикти бирөө кагып, такылдатып калды, эсибиз чыгып кетти* (Бердикеев).

**ЭСИ ЭКИ БОЛУУ** Шайы кетүү, айласы кетүү, алдастоо, эмне кыларын билбей калуу, шаштысы кетүү. *Атылган октон басмачылардын кулактары тунуп, жашынууга жай таппай, алдастап, эстери эки болушту* (Жантөшев). *– Эмнени эстейм! Эсим эки болуп жатса* («Кыргызстан маданияты»). *Кызымды соорото албай эсим эки болду* («Ала-Тоо»). *Куралчан киришкен үчөөнүн бири босогодо туруп, бизди жылдырбай карап турду да, берки экөө үйүбүздү тинтип киргенде эсибиз эки болду* (Сактанов).

**ЭСИЛ** 1. Кайран, чиркин, өткөн. *Эсил өмүр, эсил жаш, Эсиң барда моокум бас* (Токтогул). *Эсил энем Каныкей. Өлбөй тирүү бар бекен* («Сейтек»). 2. Киши өлгөндө өкүнүч иретинде айтылуучу сөз. *Эсил барда таарынып, Эми келдим кашыңа* («Эл адабияты»). *Эсил Шаршен булбулум, Элден чыккан жорго эле* (Осмонкул). 3. Ыйык, аялуу, таза. *Эсил энекем айткан кеп эле* («Семетей» С.К.).

**ЭСИН ЖЫЮУ** *к.* **эс-учун жыйноо.**

**ЭСИН ЭКИ КЫЛУУ** Айласын кетирүү, кыйноо, эсин оодаруу, шаштысын кетирүү. *Кулпурган келинчек сыр көргөзө жигиттин колуна тийбей, эсин эки кылууга өттү* (Бейшеналиев). *Бир үйдөн кесе, бир үйдөн дасторкон, бир үйдөн табак жыйып эсибизди эки кылбады беле* (Укаев).

**ЭСИНЕ ЖАРА ЧЫГУУ** Такыр унутуп калган, эстебеген, эсине келтире албай убараланган учурларда өзү же башка бирөөнү жемелөө иретинде айтылат. *Эсиңе жара чыккыр, кечээ эмне жакшылап карабадым? Ооба, ошол. Карачы, мындайда эсиме жара чыгып, атын да унутуп калбадымбы* (Казакбаев). *Ким эле... Эсиме жара чыккыр ай. Укканым ырас* (Тойбаев).

**ЭСИНЕ КЕЛТИРҮҮ** Эсине салуу, бир аз тартипке чакырып, окутуп коюу, тизгинин тартуу. *Анын күчү жеке Бошкойду эсине келтирүү эмес, Чыныбайды атап бардык канкорлорду жектөө* (Бейшеналиев).

**ЭСИНЕ КЕЛҮҮ** 1. Эс-учун жыйноо. *Көптө барып эсине келди.* 2. Ойлонуу, абдан ойлонуп бир тыянак чыгаруу. 3. Токтолуу, басырыла түшүү. *Ушунчасында эсине келсин, көзүн ачсын!* (Сыдыкбеков). *«...мындан кийин көркоолордон сак болоюн», – деп ичинен эсине келээр* (Бейшеналиев).

**ЭСИНЕ КИРҮҮ** Чоноюп, эс тартып ар-кы беркиге түшүнүп калуу. *Сен деген эсиңе кирген чоң кызсың, кой ыйлаба, басыл* (Медетов).

**ЭСИНЕН ТАНУУ** *к.* **эс-учун жоготуу.**

**ЭСИР** Көөп кетүү, менменсинип, обу жок болуп кетүү, жинденүү. *Ал малга, дөөлөткө эсирип, турмушту баалабады* (Сыдыкбеков). *Эсирген экен кайран баш, Дөөлөттүн аккан буусуна* (Казыбек).

**ЭСИРИК** Көпкөн, менменсиген, обу жок. *Эсирик бала эбиң тап* (Калык).

**ЭСИРИШ** **эсир** этишинин кош мамилеси.

**ЭСИРКЕ** Көпкөнчүлүк кылып текеберленүү, корсоюу. *Эсиркеп отко чарпылган, Элирген тилек менде бар* (Токомбаев).

**ЭСИРКЕН** **эсирке** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭСИРКЕТ** **эсирке** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСИРКЕШ** **эсирке** этишинин кош мамилеси.

**ЭСИРКӨӨ** **эсирке** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСИРМЕ** Албуут, жини бар, кыялы чатак, эсирип кетме. *Эркетайдын эсирмеси кармайт* (Бөлөкбаев).

**ЭСИРТ** **эсир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСИРҮҮ** **эсир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСКАДРА** Согуш-деңиз флотунун же аба флотунун кемелеринин чоң бирикмеси, тобу. *Асманда сап-сап болуп, сызып келе жаткан бийиктиктеги эскадраны көрдүк* (Сыдыкбеков).

**ЭСКАДРАЛЫК** **эскадрага** таандык.

**ЭСКАДРИЛЬЯ** Согуш авиациясынын бир нече топ самолёттордон турган бөлүгү.

**ЭСКАДРОН** Атчан аскерлер бөлүгү.

**ЭСКАЛАТОР** Көбүнчө метродогу кишилерди өйдө алып чыгуу, төмөн түшүрүү үчүн тынымсыз жылып туруучу тепкичтер.

**ЭСКАЛИЗМ** *саяс.* Адамдын чындык турмуштан фантазиялардын дүйнөсүнө кайтууга умтулуусу.

**ЭСКЕР** Эсине алуу, эске салуу, унутпай эстеп жүрүү, унут калтырбоо. *Эрдин жары*

*эркетай, Эскерип койсо көңул жай* (Калык). *Өмүр бизден өтүп кетсе, Эл эмгектен эскерсин* (Токомбаев). *Эрдигиңди эскерип Жаздым муну сага арнап* (Үмөталиев). *Ал күн Сизди эскербедик жакшылап, Эстен кеткис Рух дүйнөсүн тартуулап* (Акматалиев).

**ЭСКЕРИШ эскер** этишинин кош мамилеси.

**ЭСКЕРМЕ** Эске алып, эстеп жүрүү үчүн арналган ыр, сөз же ар кандай белектер. *Ак куу элең калкыган көк көлдөгү, Көл түбүнө түшүрбө эскермеми* (Сарногоев).

**ЭСКЕРТ эскер** этишинин аркылуу мамилеси. 2. Алдын ала түшүндүрүп, билдирип айтып коюу, баяндап, белги берип коюу. *Белек сабакка кандайча даярдануу керек экендигин белгилеп, балдарга эскертти* (Таштемиров). *Бул ишти мага жакшы эскерттиңиз* (Жантөшев).

**ЭСКЕРТИЛ эскерт** этишинин туюк мамилеси.

**ЭСКЕРТИШ эскерт** этишинин кош мамилеси.

**ЭСКЕРТКИЧ** 1. **эскерме** менен бирдей. 2. Эстелик.

**ЭСКЕРТҮҮ I** Жаңылыштык кетиргендиги, кылмыш кылгандыгы үчүн адамга колдонулуучу чара, жаза.

**ЭСКЕРТҮҮ II эскерт** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСКЕРҮҮ эскер** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСКИ** 1. Жаңы эмес, мурда колдонулуп, көөнөрүп калган, эскирип калган. *Эски шырдак. Эски кийим. Эски эт.* 2. Мурдакы, мурда өтүп кеткен, мурда болуп өткөн. *Эзилдик эски заманда, Таптaлдык эле таманда* (Тоголок Молдо). *Эски жыл кетти, жаңы жыл келди. Ырдап ыйлап күн өткөргөн таштарда, Эски койчу бүгүн – куунак башкарма* (Токомбаев). 3. Карыган, көп жашаган. *Эски киши. Эскилерден маралдын мүйүзүнүн шүйшүнү менен шимиги карылык дартка миңдин бири деп уккам* (Абакиров).

**ЭСКИ ЖАРАНЫ КОЗГОО** Эчак өтүп кеткен, унутулуп бараткан ачуу кайгыны, кекти, кейиштүү нерсени эске салуу, кайра жаңыртуу.

**ЭСКИ ЖООРУН ЧУКУУ** Унутулуп калган жаман кылык-жоругун, терс көрүнүштөрүн айтып эскертүү. *Койсоңчу, чал, бирөөнүн эски жоорун чукуп эмне кыласың, – деп байбичеси тыйган болду* («Ала-Тоо»).

**ЭСКИ МАЛДЫН КӨЗҮНДӨЙ** Кандайдыр эбактан, мурдатан көрүп-билип жүргөндөй, тааныштай, көзгө үйүр сыяктанган. *Эски малдын көзүндөй, ой-кырларына жөө кыдырып, теңтуш-туушкандарым менен баарлаштым* (Жантөшев). **В.: Эски көздөй.** *Атадан балага мурас болуп келе жаткан эски көздөй ысык дүнүйөлөрдөн өлбөй туруп айрылмак эмес* (Укаев).

**ЭСКИЗ** 1. *сүр.* Көркөм сүрөт искусствосунда, чоң иштин алдында алдын ала чийилген божомол долбоор. 2. *адаб.* Көркөм чыгарманын алдын-ала сомолоп жазылган структурасы, болжолдуу даярдалган эпизоддук бөлүктөрү.

**ЭСКИЛИК** 1. Эскиргендик, эскилиги жеткендик. *Машинанын азыркы кебетеси эскилиги жеткен дагырадай шалдырайт* («Чалкан»). 2. Эски коомго, турмушка тиешелүү болгон терс көрүнүш. *Дагы эле жүрөт жабышып Эскиликтен калгандар* (Шүкүрбеков). *Эскиликке жол бербей Экинчи кайра жасалдым* (Үсөнбаев).

**ЭСКИР** 1. Эски болуу, эскилиги жетүү; керектен чыгуу, жыртылуу, тозулуу. *Эскирген машина. Эскирген кийим-кече. Жууркантөшөктөр эскирди* (Сыдыкбеков). *Олтурам ойлуу тиктеп, о апаке! Качанкы эскирген бир сүрөтүңдү* (Байгазиев). 2. Каруу, жашы улгаюу, карылыкка моюн сунуу, картаюу. *Эскирип кеттим кошулбай Эмки сонун турмушка* (Токтогул). *Эскирип өмүр баратат, Эсимден кетпейт бала чак* (Бөкөнбаев).

**ЭСКИРТ эскир** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСКИРҮҮ эскир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСКИЧЕ** Мурункуча, бүгүнкү күнгө туура келбегендей. *Баардык ишти эскиче жасайсың да турасың* (Макенбаев).

**ЭСКИЧИЛ** Эскиликти жактоочу. *Эскичил бизден алыс болсун* (Бөкөнбаев).

**ЭСКИЧИЛИК** Мурдатан бери келаткандыкка мүнөздүүлүк, эски турмушка мүнөздүүлүк.

**ЭСПАРЦЕТ** Беде сыяктуу бир нече жолу чабылып алына турган көп жылдык тоюткор өсүмдүгү.

**ЭСПЕРАНТО** Дүйнөгө кеңири таралган европалык тилдердин материалдарына негизделип түзүлгөн эл аралык жасалма тил.

**ЭССЕ** *адаб.* Адабий жанр, бир нерсеге таасирленүүдөн жаралган очерктик мүнөздөгү чыгарма.

**ЭССЕНЦИЯ** Тамак өнөр жайында, фармацевтикада, парфюмерияда колдонулуучу кандайдыр бир заттын учуп, бууланып кетүүчү кошулмасы аралашкан суюктук.

**ЭССИЗ** Акылсыз, эси жок.

**ЭСТАМП** Гравюрадан басып түшүрүлгөн сүрөт.

**ЭСТАФЕТА** 1. Жүгүрүүдө, суудa сүзүүдө ж.б. белгилүү аралыктан өткөн сайын колундагы нерсени (көбүнчө таякчаны) улам өз тарабындагыларга берип, марага жеткиче бирин-бири алмаштырып турма жарыш. 2. Ушундай жарышта ар бир команданын катышуучулары бири-бирине берип, колдон колго өткөрө турган шарттуу нерсе (көбүнчө таякча). 3. *өт.* Ишти улам кийинкилерге өткөрүп берүү, мурункулардын ишин кийинкилер улоо.

**ЭСТЕ I** Мурда оюнда болгон, көргөн-билген, сезимде бар нерселерди, окуяларды ж.б.

ойго келтирүү, эске салуу, эске түшүрүү. *Эл чинде жүргөнду Эстесе көңул эсирген* (Казыбек). *Алыста жүрсөм дагы эстейм, гүлүм, Сайрасам булбул болуп жетер үнүм* (Шимеев). *Туулган, тууган жерди эстеп, Капа болуп айттым да* (Токтогул). *Калың кыргыз элди эстеп, Качкандагы кербезим* (Токтогул).

**ЭСТЕ II** Уйкусу чала болгондо, уйкусураганда, чарчаганда, талыкшыганда ж.б. эрксизден оозду кең ачып, терең дем алуу. *Түлкүбек оозун ачып, кериле эстеди* (Жантөшев).

**ЭСТЕЛ эсте** этишинин туюк мамилеси.

**ЭСТЕЛИК** 1. Көрүнүктүү адамдарга курулган скульптуралык же архитектуралык имарат, сүрөт ж.б. *Элиң сага эстелигин тургузду, Өзүң сүйгөн кыргыз тоонун ташынан* (Үмөталиев). 2. Өткөндөгү материалдык маданияттын, эски жазуулардын, чыгармалардын ж.б. сакталып келаткан үлгүлөрү, калдыктары. *Архитектуралык эстеликтер. Орхон-Енисей эстеликтери. 3.* Эстөө, эсте сактоо, унутпай ойго алып жүрүү үчүн сактала турган ар кандай нерселер, окуялар, эскерме. *Тарыхтан тамчы чын элес, Бул китеп элге эстелик* (Токомбаев). *Эстелик үчүн сүрөткө түшүп коёлук* («Ала-Тоо»).

**ЭСТЕН ТАНУУ** *к.* **эс-учун жоготуу.**

**ЭСТЕТ I эсте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭСТЕТ II** Көркөмдүк сезими курч, көркөмдүктү, сулуулукту, искусствону сүйүүчү, баалоочу.

**ЭСТЕТИКА** 1. Искусство жөнүндөгү, көркөм чыгармачылыктагы, жаратылыштагы, турмуштагы сулуулуктун, көркөмдүктүн формалары жөнүндөгү философиялык окуу. 2. Кимдир бирөөнүн искусствого же анын кандайдыр бир түрүнө карата болгон көз карашынын системасы. *Айтматовдун эстетикасы.*

**ЭСТЕТИКАЛЫК эстетикага** таандык.

**ЭСТЕШ эсте** этишинин кош мамилеси.

**ЭСТӨӨ эсте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСТРАДА** 1. Артисттер, музыканттар, көркөм окуучулар ж.б. эл алдында чыгып сүйлөшүү, ырдашы, оюн көрсөтүшү үчүн жасалган сере, кичинекей сахна. 2. Музыкалык-драмалык концерт.

**ЭСТРАДАЛЫК** Эстрадага таандык.

**ЭСТҮҮ** Акыл-эси бар, акылдуу. *Эстүү – көпчүл, эселек – тууганчыл* (макал). *Азамат жигит, эстүү кыз, Ар кимиң тапкын теңиңди* (Тоголок Молдо).

**ЭСТҮҮЛҮК** Акылдуулук, акыл-эси бардык, жөн билгилик. *Эстүүлүктүн белгиси, Элин жакшы башкарат* (Осмонкул).

**ЭСТҮҮСҮН** Акылдуусунуу, өзүн эстүү, акылдуу киши катарында көрсөтүү. *Эки көз орой неме экен, Эстүүсүнгөн кул экен* («Эр Табылды»).

**ЭСТҮҮСҮНҮҮ эстүүсүн** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭСТҮҮСҮНҮШ эстүүсүн** этишинин кош мамилеси.

**ЭСХАТОЛОГИЯ** Акыр заман жөнүндөгү диний окуу.

**ЭТ I** 1. Жаныбарлардын сөөгүнө жабышкан дене ткандары. *Дененин булчуң эттери. Этиң калып көк жашык, Каның калган бир кашык* («Манас»). 2. Союлган малдын, андын, канаттуунун, балыктын ж.б. азыктүлүк үчүн колдонулган (желе турган) ушундай дене заты. *Манапты ээрчип эт жеген Мадырайган соргогум* (Токтогул). *Койдун эти. Балыктын эти. Үй куштарынын эти. Сүр эт.* 3. Ар кандай жемиштердин, бакча өсүмдүктөрүнүн желе турган жумшак заты. *[Алманын] жука, кызыл терисинин астынан ширелүү, күн нуру сиңген даамдуу эти көрүнүп турду* (Айтматов). 4. Дене, бүткөн бой. *Көйнөгүм жок, жылаңач, Куур тонум этимде* («Жазгыч акындар»).

**ЭТ II** Кыймыл-аракеттин болушун, бир нерсенин иштелишин билдирүүчү көмөкчү этиш. *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул). *Чоң эне азыр жай сүйлөп, небересине өткөнду баян этти* (Сыдыкбеков). *Чоңдордун жемеси Орусбектин сезимине таасир этти* (Сыдыкбеков). *Карагай таш тийгендей солк этти* (Токомбаев). *Машина лып этип келип токтой калды* (Жантөшев). *Каныбек акырын гана күңк этип койду* (Жантөшев). *Мылтыктын тарс эткен үнү чыкты* (Баялинов).

**ЭТ-БЕТИНЕН КЕТҮҮ** 1. Бир нерсеге өтө дилгир экенин билдирүү, аябай үзүлүп түшүү. *Командировка десе эт-бетибизден кетип, абдан талашабыз го* («Ала-Тоо»). *Байкеңкине барып кел десем эт-бетинен кетти* (Бердикеев). 2. Өтө жакшы көрүү, жан дили менен мээримдүү кабыл алуу. *Ата да, эне да балам деп эт-бетинен кете турган болот* (Мырзаев). – *Жезде, болуш эт-бетинен кетип ыраазылыгын билдирбеди, – деп таарынбаңыз* (Бейшеналиев). **В.: Эт-бети менен кетүү.** *Сабыр бул жолку саякатка сүйүнүп, эт-бети менен кетти* (Жусупов). **Эт-бетинен жыгылуу.** *Ушу китеп дегенде өмөчөктөп эт-бетиңден жыгылып түшчү элек* (Медетов). **Эт-бетинен түшүү.** *Кузгундай эт-бетинен түшө калып, эти менен сөөгүн таразалап* (Көчкөнов).

**ЭТ БЫШЫМ** Кыргыздын эски убакыт ченеми. Эт бышкыча кеткен убакыт (1–1,5 саат убакыт). *Эт бышымга курган жан* («Семетей» С.К.). *Эси эндиреп Табылды, Эт бышымдай жатты эми* («Эр Табылды»). – *Ашыкпаңыз. Сары-Үңкүрдүн белесин эт бышымда ашып, тез эле жетем* (Бейшеналиев). *Каалашса акындар чай кайнам, эт бышым жамактатып таштап* (Токтогул).

**ЭТ ЖҮРӨГҮ ЭЗИЛҮҮ** *к.* **жүрөгү элжирөө.**

**ЭТ ЖҮРӨГҮ ЭЛЖИРӨӨ** Абдан жакшы көрүү, элжирөө, кандайдыр бир жакшы сезимден улам ыракаттануу. *Ал башынан өткөн тарыхын айтып отурганда жигиттин эт жүрөгү элжиреди* (Жантөшев). *Бурч-бурчтан жаңырык чыгарган коңгуроолордун үнүнө*

*чоң эненин эт жүрөгү элжиреди* (Каимов).

**ЭТ КӨЙНӨК** Ич көйнөк, ичтен кийүүчү ак көйнөк. *Жаш баланы атасынын эт көйнөгүнө ороду* (Сыдыкбеков).

**ЭТ МЕНЕН ЧЕЛДИН ОРТОСУНДА** Эки ортодо, ал жакка да бул жакка да ачык кошулбаган абалда, эки ортодо эптеп мүлтүлдөп жашаган, кошоматчылык менен күн көргөн. *Тап күрөшү учурунда эт менен челдин ортосунда тынч жашай берүүгө болбой тургандыгын жаңы досторунун жардамы менен түшүндү* (Абдыраманов). *Мамбеткул эт менен челдин ортосунда байкалбай кала берди* (Бейшеналиев). **В.: Эт менен челдин арасында.** *Эт менен челдин арасында жан багып жүргөн адамдар чечкиндүү ишке бел байлай албайт* («Чалкан»).

**ЭТАЖ** Көп кабаттуу үйдүн, имараттын биринин үстүнө бири жайгашкан катары, кабаты.

**ЭТАЖЕРКА** Биринин үстүнө бири орношкон текчелери бар эмеректин бир түрү. *Оң жак терезеге жакын китеп жыйылган этажерка, ага жанаша стол коюлган* («Ала-Тоо»).

**ЭТАЛОН** 1. Өтө так жасалган үлгү. Ал пайдаланылып жүргөн өлчөгүч куралдардын тууралыгын текшерүүдө колдонулат. 2. *өт.* Ар кандай көрүнүштүн жогорку чеги, бийик үлгүсү.

**ЭТАП** Кандайдыр бир кыймылдын, процесстин өнүгүүсүнүн мезгилдик бир бөлүгү, сапаттык жактан айырмалоого мүмкүн болгон баскычы, өзгөчөлүктүү учуру. *Эл чарбасын өнүктүрүүнүн жаңы этабы.*

**ЭТЕГИ БҮТӨЛҮҮ** Турмуш-тиричилиги оңолуу, бир нерсеге жетишип кеңеле баштоо. *Этегиң эми бүтөлдү го, кайда эле жарыган неме элең, – деп каарып кирди* (Абдукаримов). **В.: Этеги узаруу.** *Мага келип, мени менен коңшу болгон соң гана ушинтип этегиң узарып отурат* (Үмөталиев). *Баары бир этеги узарбайт, тумшугу жарыбайт шум баланын* (Осмоналиев). **Этеги эки болуу.** – *Ошол он-он беш тыйынга этегиң деле эки болуп кетпеди го, Аписа...* (Жусупов). *Эки-экиден чабышып жүрүп алардын этеги эки болдубу* (Осмоналиев).

**ЭТЕГИ ЖАЙЫЛУУ** *к.* **этек-жеңи жайылуу.**

**ЭТЕГИ ЖЕРГЕ ЖЕТПӨӨ** *к.* **этеги тизесине жетпөө.**

**ЭТЕГИ ТАКЫМЫНА ЖЕТПӨӨ** *к.* **этеги тизесине жетпөө.**

**ЭТЕГИ ТИЗЕСИНЕ ЖЕТПӨӨ** Эч жакшылык көрбөө, оңолуп кете албоо, жарыбоо, өтө начар абалда болуу. – *Кептин баары ошо этеги тизесине жетпеген куу туяк Молдодо* (Бейшеналиев). *Өмүрү этегиң тизеңе жетпей, колуң ашка жетпей, кадам сайын бутуңдан каргыш чалып куурап жүрүп өт* (Байтемиров). **В.: Этеги толорсугуна жетпөө.** *Ал деле этеги толорсугуна жетип жыргап кеткен жери жок* («Чалкан»). **Этеги жерге жетпөө.** *Ысактын деле этеги жерге жеткен жери жок* («Ала-Тоо»). **Этеги такымына жетпөө.** *Этеги такымына жетпеген куур тондор төбөгө чыкты го?* (Каимов). **Этеги узарбоо.** *Жарытылуу эмгек кылып, маңдайыңдан тер чыкпай этегиң өзү эле узарбайт* («Ала-Тоо»). **Этеги эки болбоо.** *Көлгө барганыңар менен этегиңер эки болбойт, – деп бизди азгыра баштады* (Турусбеков). *Ошондо деле этегим эки болгон жок* («Ала-Тоо»).

**ЭТЕГИ ЭЛЕК, ЖЕҢИ ЖЕЛЕК БОЛУУ** Чын ыкласы, бүт мүмкүнчүлүгү менен, тыным албай, аябай эмгек кылуу, кам көрүү. *Эне бечара келин алганына жетине албай этеги элек, жеңи желек болуп иштеп жүрдү* («Кыргызстан маданияты»). *Деги жек көргөн кишисин да эрите сүйлөп, этеги элек, жеңи желек болгон элпек мамилеси менен жайлаган атасы кыйын эле дешет* (Бейшеналиев).

**ЭТЕГИН КАРМОО** Бирөөгө сүйөнүп, аны кара тутуу, ага ишенүү, ошонун жардамын көрүү деген мааниде. *Каленжан, мындан ары ушул турган көпчүлүк сенин этегиңди кармамакчы* (Укаев). *Көңгөнүңдөй казалын көчүрүп, таркатып, кат-сабатыңды арбытып, Молдокеңдин этегин карма, – деп атам жиберди* (Бейшеналиев). *Бакы менен куда-сөөк болуп этегин кармасам, чамгарагынан кут түшпөйбү* (Осмоналиев). *Башкарманын этегин кармап иш кылдым* («Ала-Тоо»).

**ЭТЕГИНЕ ЖАМЫНУУ** Бирөөнүн аркасы менен, бирөөгө сүйөнүп иш кылуу, күн көрүү (көбүнчө терс мааниде). *Ал молдо эмес эле Тазабектин этегине жамынып жүргөн кургур тура* (Сыдыкбеков).

**ЭТЕГИНЕ ЖЫГЫЛУУ** Мүңкүрөп көз каранды болуу, колдон түшүп сурануу, кечирим суроо. *Башкарма мүчөлөрү анын этегине жыгылып, жалынып-жалбарат деген ойдо эле* (Ашымбаев). *Эркек башың менен эрдикатындын этегине жыгылып «элчилик» сурадың* (Эралиев).

**ЭТЕГИНЕ НАМАЗ ОКУУ** Бирөөгө сыйынуу, айткан-дегенинен чыкпай аябай көзүн кароо, көшөкөрлөнүү, кошомат кылуу, кулдук уруу. *Башкарма боло электе өз агасы Мендирман Шооруk менен Бердибайдын этегине намаз окуган көшөкөрү эле* (Сыдыкбеков). *Нөкөн менен өмүр шерик болмок түгүл, этегине намаз окууга тура чуркоочуларды жок деп ким айта алат* (Үмөталиев). *Көбү бөрк ал десе баш алган, өздөрүнөн төмөнкүлөргө кыргыйдай тийип, өйдөдөгүлөрдүн этегине намаз окуп, таазим кылган немелер* (Жигитов). **В.: Этегине таазим кылуу.** *Сени жаман жоруктан таза сактап калгандары үчүн экөөнүн тең этегине таазим кыла турган жөнүң бар* (Айтматов). **Этегине тооп кылуу.** *«Ыйыкмын, бу ар кошкон букара түбөлүккө этегиме тооп кылат деп билген, ага астейдил ишенген* (Касымбеков).

**ЭТЕГИНЕ ЫРЫС ТОЛУУ** Бактылуу болуу,

этек-жеңи жайылып, жадырап-жайнап туруу. *Куу этек да шордуу, балдары болсо этегине ырыс толуп, бешенесине күн конуп турбайт беле дейт таенеси* (Айтматов).

**ЭТЕГИНЕ ЭРМЕШИП, ЖАКАСЫНА ЖАРМАШУУ** Туткактап коё бербөө, бура бастырбоо, уйгактай жабышуу. *Чурулдаган калк алардын этегине эрмешип, жакасына жармашты* («Ала-Тоо»). **В.: Этек-жеңине жармашуу.** *Берки экөө Букарбайдын этек-жеңине жармаша көкөйүндөгүлөрүн ажылдап бучкакташты* (Бейшеналиев).

**ЭТЕГИНЕН ЖАЛГОО** Төрөө, балалуу болуу. *Ага жараша кудай этегинен жалгап койсо, Гүлбүбүнүн үй-жайдын ээси жеке өзү болоруна шек жок* (Сыдыкбеков). *Экөө эки ууртаган соң, Ак Эрке чынынын түбүндөгү калган сууну «этектен жалгасын!», «Очогунан жалгасын!» деп ырым кылып, оттун боюна тегерете сээп салды* (Касымбеков). *Жамийла этегинен жалгап, эркек балалуу болду* (Сыдыкбеков). *Оюңузда болсо аны жасай бериңиз. Этегинен жалгаса, жардыдан мураскер тапсаңыз, ырыскыңыз ошо* (Матисаков).

**ЭТЕК** 1. Кийимдин, үзүктүн ж.б. нерселердин төмөн жагы, аяккы бөлүгү. *Этекти кессең жең болбойт, Эзелки душман эл болбойт* (макал). *Аттаганда тонумдун этеги бутумун учуна оролуп калды* (Элебаев). 2. Тоонун, адырдын, бөксөнүн ж.б. эңкейиштеп, жантайып бүткөн жери. *Көк түтүн каптап, чаң ызгып, Көрүнбөй тоонун этеги* (Бөкөнбаев). *Кыштактын бир учу түндүк тарапка созулуп кетсе, бир учу тоонун этегине чейин барат* (Таштемиров). *Этек жагы Бурканга, Этектеп малын айдаган* (Казыбек). *Ошол түнү жолу оңолбос Жаабарс бийик ашуунун этегинде убайымга ууланып турду* (Айтматов).

**ЭТЕК КИР** Айыз, менструация.

**ЭТЕК-ЖЕҢИ ЖАЙЫЛУУ** 1. Бала-чакалуу болуу, укум-тукуму өсүү. *Бүбүнүн этек-жеңи жайылып, очор-бачар болуп отурат* (Жантөшев). *Анын этек-жеңи жайылып балпайып байбиче болгон кези.* 2. Иши оңолуу, бардар, бейпил турмушта жашоо. *Айнагүл чатырап гүлдөп, этек-жеңи жайылып күлпүрүп турган чагы да* (Сыдыкбеков). *Жетишпестик жоголуп, Жайылган кез этек-жең* (Үмөталиев). **В.: Этеги жайылуу.** *Анын үйүнө барганда этеги жайылып жыргап калат* (Медетов).

**ЭТЕК-ЖЕҢИ ТАЙКЫ** Колунда жок, жоксуз, жарды, кедей. *Беш түтүнү бирдей этек-жеңи тайкы, куур тонду эттерине кийген кызыл боор кембагалдар* (Сыдыкбеков).

**ЭТЕК-ЖЕҢИНЕ ЖАРМАШУУ** *к.* **Этегине эрмешип, жакасына жармашуу.**

**ЭТЕКТЕ** 1. Кийимдин этегинен алуу, этектен кармоо. *Батыш эшикке чыгып бараткан эрин этектеп кармап калды* (Байтемиров). 2. *өт.* Акидей асылып сурануу, тиленүү. *Жолоочуну өткөрбөй, Этектейсиң ач көздүк* (Барпы). 3. Тоонун ж.б. этеги, эңкейиштеп түгөнгөн жери менен жүрүү, этектерге конуу ж.б. *Кызыл тоону этектеп, Кыргыек салып кеткенби* (Тоголок Молдо).

**ЭТЕКТЕЛ этекте** этишинин туюк мамилеси.

**ЭТЕКТЕН АЛУУ** Айласын, шаштысын кетирип, кыйын-кыстоо абалда калтыруу. *Жоо этектен алды го, Кан чеңгелин салды го* (Турусбеков).

**ЭТЕКТЕТ этекте** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭТЕКТЕШ этекте** этишинин кош мамилеси.

**ЭТЕКТӨӨ этекте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭТЕКТҮҮ** Этеги бар, этеги чоң, жазы. *Этектүү чий калпак.*

**ЭТЕНЕ ТАЙТАҢ** Эрке, эркин өскөн. *Өзүң этене тайтаң баласың* («Семетей» С.К.).

**ЭТИ АЧЫНУУ** Катуу кордук көрүп, жаны кейүүдөн аябай ыза болуу, ардыгуу, жаны кашайып ачуусу келүү. *Эти ачынган Батийна тилин тарткан жок* (Сыдыкбеков). *Ал тил угуп, эти ачынып калды* (Сыдыкбеков). *Тунгуч эти ачынып, ансайын күчөдү* (Осмоналиев).

**ЭТИ КАЧУУ** Арыктоо, териси сөөгүнө жабышкандай катынкы абалда болуу. *Анан тизесин, эти качкан арык колдорун алакандары менен баса Бегайым ордунан тура жөнөйт* (Медетов).

**ЭТИ КЫЗУУ** Табына келип, ээлигип, күчөп жүгүрө баштоо (көбүнчө тапталган күлүктөргө карата). *Боз аттан чым-чым тер чыгып, эти кадимкидей кызып, арышын узатты* (Каимов). *Эти кызып алыптыр, Куштай учуп калыптыр* (фольк.).

**ЭТИ ООРУП КАЛУУ** Толготуу, толгоо тартып калуу, толгоосу келүү. *Кокуй, кайнене болбой кал. Келиндин эти ооруп калган тура, жаш келин уялып айталбаса, эки-үч күндөн бери кыңкыстаса, чайналып бүтпөдүбү* (Бейшеналиев).

**ЭТИ ТИРҮҮ жүүнү тирүү** менен бирдей. *Эти тирүү, кеби тың келин ушунча көптөн жазганбай тике айтты* (Сыдыкбеков). Анын *эти тирүү, нары элпек, нары зээндүү экенин Федоров байкап калат* (Ашымбаев). *Айгүл эти тирүү, зээндүү кыз. Окусун. Адам болсун, – деди Исабек* (Айтбаев). *Ал эти тирүү бала болучу* (Жантөшев).

**ЭТИБАРГА АЛБОО** Назар салбоо, көңүл бөлбөө, байкас албоо. *Болот миң башы элдин буркан-шаркан түшүп жатканын этибарга албай, эл ичинен чыгып кетти* (Абдукаримов). *Жеңижок ичинен кым деди, «чоң жолго таштап» деген кайраштырууну этибарга албай, кеп Токтогул жөнүндө чыгып калганына кубанды* (Касымбеков). *Анан барып жазылат дедиби, Шарипа куйөөсүнүн бул мүнөзүн этибарга албады* (Кушубеков). *Комуздун баркын билбеген Султаналы аны этибарга алган жок* («Ала-Тоо»).

**ЭТИЕТ** Сак, сактанып аракеттенген, эптүү, чебер. *Кыймыл-аракети этиет киши. Каныбек, өзүңө өзүң этиет бол* (Жантөшев).

**ЭТИЕТТЕ** Этиет кылуу, сак, кылдат болуу, чебердөө, абайлоо, байкоо. *Сындырбай, этиеттеп кармоо. Этиеттеп басуу.*

**ЭТИЕТТЕН этиетте** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭТИЕТТЕШ этиетте** этишинин кош мамилеси.

**ЭТИЕТТИК** Сактык, эптүүлүк чебердүүлүк.

**ЭТИЕТТӨӨ этиетте** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭТИКА** 1. Коомдук аң-сезимдин бир формасы болгон мораль, адептүүлүк жөнүндөгү философиялык окуу. 2. Белгилүү бир таптын, коомдук топтун, кесипчиликтин жүрүш-туруш, адептүүлүк нормаларынын жалпы жыйындысы. *Жетекчинин этикасы. Дарыгердик этика.*

**ЭТИКЕТ** Белгилүү бир эл ичине сиңип калган, көпчүлүк жерде өзүн-өзү алып жүрүүнүн, бирөөгө мамиле кылуунун тартиби.

**ЭТИКЕТКА** Товардын, дарынын ж.б. аты, баасы же башка маалыматтары көрсөтүлгөн жазуусу бар кагаз.

**ЭТИМАЛ ыктымал** менен бирдей.

**ЭТИМОЛОГ** Этимология боюнча адистиги бар тилчи.

**ЭТИМОЛОГИЯ** Сөздөрдүн келип чыгышын, тегин, түпкү маанилерин ж.б. маселелерин изилдөөчү тил илиминин бөлүгү.

**ЭТИМОЛОГИЯЛЫК этимологияга** тиешелүү. *Этимологиялык түшүнүк, этимологиялык сөздүк, этимологиялык маани.*

**ЭТИНЕ БАТПОО** *к.* **терисине батпоо.**

**ЭТИНЕ КЕЛҮҮ** *к.* **тап этине келүү.**

**ЭТИНЕН ТҮШҮҮ** Шалпайып арыктай түшүү, азуу. *Айрымдары суук түшкүчө эле этинен түшүп кетет* (Медетов). *Жылкыны жайып оттотуп айдаса, этинен түшпөйт* (Медетов).

**ЭТИНЕН ЭТ КЕССЕ ДА УНЧУКПАГАН** Кебелбеген, тоготпогон, кабак-кашым дебеген, көтөрүмдүү. *Алымбай этинен эт кессе да унчукпаган, дулдуйган неме экен* (Сыдыкбеков).

**ЭТИОЛОГИЯ** Оорунун пайда болушун жана анын чыгыш себептерин медициналык жактан изилдөө, аныктоо иши.

**ЭТИШ I** Заттын кыймыл-аракетин, алабалын билдирүүчү сөз түркүмү.

**ЭТИШ II эт** этишинин кош мамилеси.

**ЭТИШТИК этишке** таандык. *Этиштик маани, этиштик сын.*

**ЭТИЯТ этиет** менен бирдей. *Мурун кашкөй камынып, Жанынан душман табылып. Этият болуп, баласын, Карап турган сабылып* (Тоголок Молдо).

**ЭТКЕЛ** Толук, семиз, эттүү. *Эрке эткелинен келип балкайган кара тору аял эле* (Байтемиров). *Эткел тумшук.*

**ЭТКИЗ эт** жардамчы этишинин формасы. **Эткис, эттир** менен бирдей. *Качырлар курт-курт эткизип чайнап кириштн. Былк эттире албады* (Жантөшев). *Былк эткис кылып байлады.*

**ЭТМЕ эт** этишинин формасы. *Шалк этме, тарс этме, күрс этме курал, кыйт этме, чырт этме.*

**ЭТНОГЕНЕЗ** Элдин чыгышы.

**ЭТНОГРАФ** Этнография боюнча адистешкен окумуштуу.

**ЭТНОГРАФИЯ** 1. Элдердин улут катары калыптанышын, материалдык маданиятын, салтын, үрп-адатын, турмуш өзгөчөлүктөрүн ж.б. жактарын изилдөөчү илим. 2. Кандайдыр бир элдин, улуттун, уруунун маданиятынын, салтынын, турмушунун жалпы өзгөчөлүктөрүн түзгөн белгилер.

**ЭТНОГРАФИЯЛЫК этнографияга** таандык. *Этнографиялык изилдөөлөр, этнографиялык материалдар* ж.б.

**ЭТНОЛОГИЯ** Кеңири мааниде этностордун теги, негизги белгилери, өз ара мамилелеринин формалары жана типтери, материалдык жана руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрү, этностук өзүн-өзү андоо сезиминин, этноско ыйгаруучулук маселелери менен бирге, күндөлүк жашоо-тиричилигинин түрдүү аспектилерин изилдөөчү илим.

**ЭТНОНИМДЕР** Уруу, урук, тайпа, улут аттары.

**ЭТНОПЕДАГОГИКА элдик педагогика** менен бирдей.

**ЭТНОПСИХОЛОГИЯ** Тигил же бул этностук топтун мүнөзүн, адамдардын психикасындагы этностук өзгөчөлүктөрүн, улуттук мүнөз маселелерин, этностук өзүн-өзү андоо сезимин, этностук стереотиптердин калыптануусун жана аракетин, этностук топтордун мамилелешүү процессиндеги психологиялык айырмачылыктарынын көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илимдин чектеш тармагы.

**ЭТНОС** Маданий, писхологиялык, тилдик мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү жалпы, өздөрүнүн бир жалпылыкта экендигин андаган жана энчилүү аты бар адамдардын белгилүү аймакта тарыхый жактан калыптанган туруктуу биосоциалдык тобу.

**ЭТНОСОЦИОЛОГИЯ** Этностордун генезисин, маңызын, функциясын, өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн, ошондой эле түрдүү этностук топтордун окшоштуктарын, айырмачылыктарын жана бул же тигил адам топторуна мүнөздүү социалдык кубулуштарды изилдөөчү илим.

**ЭТНОЭКОЛОГИЯ** Этностук жалпылыктардын жашаган жериндеги табигый жана социалдык шарттарда өз тиричилигин камсыз кылуусунун салттуу системаларынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим.

**ЭТНОЭКОНОМИКА** Дүйнө элдеринин жаратылыш чөйрөсүнүн, материалдык жана жарым-жартылай рухий маданиятынын, социалдык уюмунун жана башка бөтөнчөлүктөрү менен байланышкан салттуу чарбалык

ишмердигинин өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим.

**ЭТНОЭТИКА** Этиканын бир этноско же түрдүү этносторго кирген кишилердин ортосундагы жеке мамилелердин салттуу эрежелерин изилдөөчү багыттарынын бири.

**ЭТОЛОГИЯ** Жаныбарлардын жүрүм-турумун изилдөөчү илим.

**ЭТСИРЕ** Көпкө эт жебей калгандыктан эт жегиси келүү, самоо.

**ЭТСИРЕТ** **этсире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭТСИРЕШ** **этсире** этишинин кош мамилеси.

**ЭТСИРӨӨ** **этсире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭТТЕН** Семирүү, эт кошулуу, эт толуу. *Мал эттене баштады.*

**ЭТТЕНДИР** **эттент** менен бирдей. *Малды эттендирели.*

**ЭТТЕНИШ** **эттен** этишинин кош мамилеси.

**ЭТТЕНТ** **эттен** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭТТЕНҮҮ** **эттен** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭТТҮҮ** Семиз, семирген, эти толук. *Эттүү мал.*

**ЭТЮД** 1. Сүрөт искусствосуна таандык кандайдыр бир чыгарманын же анын айрым бөлүгүнүн жалпы болжолун, дагы өнүктүрүлө турган алгачкы көрүнүшүн элестетүүчү сүрөт, скульптура, картинка. *Булар графикалык жана живопистик, этюддар эле* («Советтик Кыргызстан»). 2. *муз.* Көнүктүрүү, үйрөтүү үчүн жазылган же чебердиктин үлгүлөрүн көрсөтө турган музыкалык чыгарма. 3. Адабий, илимий же философиялык темадагы очерк. 4. Шахмат, шашки ойноонун техникасын үйрөнүү же мелдешүү максатында атайын түзүлгөн позиция.

**ЭФЕМЕРДҮҮ** 1. Тез өтүп кетме, убактылуулук, туруксуздук. 2. *өт.* Куру бекердик, ишке ашпастык. *Эфемердүү кыял.*

**ЭФЕМЕРЛЕР** *а.ч.* Чөл жана жарым чөлдө, чанда талаа зонасында өсүүчү бир жылдык өсүмдүктөр.

**ЭФИР** 1. Радио толкундары тарала турган аба мейкиндиги, жалпы эле аба. 2. Медицинада, парфюмерияда, техникада колдонулуучу түссүз, учуп таралуучу жана мурунду ачыштыра жыттануучу суюктук түрүндөгү органикалык бирикме.

**ЭФФЕКТ** 1. Бирөөнүн же бир нерсенин катуу таасири. 2. Натыйжа.

**ЭФФЕКТИВДҮҮ** Таасирдүү, таасир калтыра тургандай, таасирленте тургандай.

**ЭХ** Кубанганда, өкүнгөндө ж.б. учурда айтылат. *Эх, кулунум эске түшсө, жашым агат* (Токомбаев). *Эх, кандай сонун.*

**ЭЧ** Тануу, күчөтүү, маанисинде колдонулат. *Эли каалап сыйласа, Эч кимдин болбойт арманы* (Осмонкул). *Белек Темировго эч жооп кайтарбады* (Жантөшев). *Эсендикти тилеңиз, Эч пайда чыкпайт убайдан* (Казыбек).

**ЭЧАК** Небак, небакта, алда качан, мурда. *Койлор эчак кырды ашып кеткен* (Баялинов).

**ЭЧЕ** **нече** менен бирдей.

**ЭЧЕН** **нечен** менен бирдей.

**ЭЧКИ** Кылчык узун жүндүү, мүйүздүү майда жандык (үй айбаны жана жапайы айбан). *Төөгө минип, эчкиге жашынба* (макал). *Тоо эчки.*

**ЭЧКИ МААРАК** Узун тумшуктуу, сазда жашоочу, эчкинин маараганындай үн чыгарган кичинекей канаттуу. *Эчки маарак, кашкалдак, Ызгыт менен ак чардак Көлдүн четин булгаган* (Тоголок Молдо).

**ЭЧКИ МАРЛАР** Ач кемер (крокодил) *Эшектей эчки марлар оозун ачкан, Баланын кылычынан ажал тапкан* («Эл адабияты»).

**ЭЧКИНИН ЖАШЫНДАЙ ЖАШЫ КАЛУУ** Карылыгы жетүү, өмүрү аяктап калуу деген мааниде. – *Карыдым, арыдым. Эчкинин жашындай жашым калды* (Осмоналиев).

**ЭЧКИР** Үн чыгара катуу ыйлоо. *Эчкирип кетет куурагыр, Көзүнөн кетип мончок жаш* («Эр Табылды»).

**ЭЧКИРҮҮ** **эчкир** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЧӨӨ** Канча санда экендигин билдирүү үчүн бериле турган суроо. *Эчөөң келдиң?*

**ЭЧТЕКЕ** Эч нерсе, эч кандай. *Менин жанымда эчтекем жок* (Элебаев).

**ЭЧТЕМЕ** Тануу иретинде колдонулат. *Эчтеме жок. Эчтеме болбоду.*

**ЭЧТЕМКЕ** **эчтеке** менен бирдей.

**ЭЧТЕҢКЕ** **эчтеке** менен бирдей.

**ЭШ I** Караан, жолдош, таяныч, медер, жөлөк. *Эш кылган катын Каныкей* («Семетей» С.К.). *Бири-бирибизге эш болуп, чогуу окуганыбыз жакшы эмеспи* (Бейшеналиев). *Бул элдин эш кылганы сенсиң, балам* (Токомбаев).

**ЭШ II** Жүндү, буланы ж.б. материалдарды аркан, жип ж.б. жасоо үчүн чыйратуу. *Мен жүн тытып, көтөрмө эштим* (Сыдыкбеков). *Ал эртеңкиге тузак эшип, кылтак даярдады* (Токомбаев).

**ЭШ III** 1. Уратуу, шилеп куюлтуу, бир жагын көздөй шилеп таштоо (мис., кумду, топуракты, карды ж.б.). *Кумду эш. Топуракты эш. Жээрде кашка ак карды эшип-эшип тээп, тулаңды оттойт* (Жантөшев). *Найзасы курч болоттон, Жарды сайса эшкендей* («Манас»). 2. Жарып таштоо, жара тартуу. *Ачуума тийсең сен менин, Айлыңда кардың эшемин* («Эр Табылды»). *Канжар менен курсагын эше сайды.*

**ЭШЕГИ ЫЛАЙДАН ӨТКӨНЧӨ** Жумушу бүткөнчө пайдасы тийип турган учурда жакшы мамиледе болуп, жумушу бүткөндөн кийин терс басып кеткен, карабай калган учурларда айтылат. *Эшеги ылайдан өткөндөн кийин салам берүүдөн эринип калган адамдар да болот* («Адабий Ала-Тоо»). **В.: Эшеги суудан өткөнчө.** *Эшеги суудан өткөнчө жанда жок элпек көрүнду эле* («Чалкан»).

**ЭШЕЙ** Шелпейип жүдөө, жүдөө көрүнүү, кейпи кетүү. *Ал эшейген көк быштыны көрдү* (Сыдыкбеков).

**ЭШЕЙИШ эшей** этишинин кош мамилеси.

**ЭШЕЙТ эшей** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭШЕЙҮҮ эшей** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭШЕК** Жапыз бойлуу, узун кулак, башы чоң, күч унаа катары гана пайдаланыла турган үй айбаны. *Эшектин жүгү жеңил болсо, жаталак болот* (макал). *Эшектин күчү адал, сүтү арам* (макал).

**ЭШЕК ЖЫГАЧ** Үстүнө чыгып, имараттын (үйдүн же башка курулуштун) бой жетпеген жерин шыбоо, актоо же жасалгалоо, ондоо иштерин жүргүзүү үчүн колдонулуучу стол сыяктуу төрт буттуу курулуш шайманы. *Шыбакчы эшек жыгачты коюп там шыбады.*

**ЭШЕК КУЛАК** *диал.* Сүйрү боз жалбырак алган тоголок бүр байлаган, өзөгү 50 *см* чейин өскөн, кичине көк гүл ачкан ичке катуу сабактуу, чачыраган бутактуу өсүмдүк. *Эшек кулакты мал деле жебейт.*

**ЭШЕК КУРТ** Көбүнчө нымдуу конул жерлерде кездешүүчү сегиз буттуу боз курт. Узуну 1–50 *мм* келген.

**ЭШЕК КУРТУ МУРДУНАН ТҮШӨ ЭЛЕК** Жаман-жакшыны, кыйынчылыкты көп көрө элек, кагыла элек. *Бул баланын дагы эшек курту мурдунан түшө элек да, ошон үчүн оозун көптүрүп сүйлөп жатат, – деди Бейшебаев сөзгө кошулуп* («Ала-Тоо»). *Эшек курту мурдунан түшө элек мадыра баштын кылганын карабайсыңбы!* (Саатов). **В.: Эшек курту түшүү.** – *Кеттик, Абыке. Өз шору өзүнө. Көрөсүң, эшек курту түшкөндө өзү келет* (Кушубеков).

**ЭШЕК КУРТУН КАГУУ** Көрбөгөндү көрсөтүү, азабын колуна берип, эсине келтирүү, жинин кагуу. *Сенин эшек куртуңду кагабыз* (Сыдыкбеков).

**ЭШЕК ТАКАЛОО** Эч нерсе кылбай, эч иш бүтүрбөй бош жүрүү, убакытты бошко, бекерге өткөрүү. – *Кокуй-ой! Ушу жашка келип, мен шаарда эшек такалап жүрүпмүнбү?* (Жусупов). *Эми аны байкап калса, силер эшек такалап жүрөсүңөрбү дебейби?* (Тойбаев).

**ЭШЕК ТАРАМЫШ** Буттун тарамышы.

**ЭШЕКТИН МЭЭСИН ЖЕГЕН** Келесоо, акылынан айныган, көк мээ деген мааниде тилдөө, жемелөө, кемсинтүү иретинде колдонулат. *Эшектин мээсин жеген чочко! Деги колуңдан бирдеме келеби? – деп, кожоюн мени төбөдөн ары камчы менен салып калды* («Ала-Тоо»). – *Ооба, «Эшектин мээсин жеген бейм» деп коюшат акылсыз иш кылган адамдарды* (Абдыраманов).

**ЭШЕЛОН** 1. Катарга тизилген жоокерлердин, аскерлердин бөлүгү, тобу. 2. Атайын бир нерсени ташуу үчүн бөлүнгөн поезд; поезддин курамы, бирикмеси. *Дагы бир эшелон бала келиптир –деди карыя* (Убукеев).

**ЭШЕН** *дин.* 1. Меке менен Мединада динди үгүттөгөн Мухамеддин тукумдары жана үгүттөө ишин кесип кылган динчилдер. 2. Динге жан-дили менен берилген, молдодон кийинки диний даражадагы адам. *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз дин кызык* (Токтогул). *Ак эшен сынап тааныган* («Манас» С.О.). *Эч нерседен шашпаган, Эшен деген пир ошол* (Эшмамбет).

**ЭШИК** Үйдүн, короонун ж.б. кирүү, чыгуу үчүн ачык калтырылган жери жана анын каалгасы. *Эшикти ачты бир келин, Эңкейип кирди Сыргажан* (Бөкөнбаев). 2 Үйдүн сырты, айлана-тегереги. *Эшикте шамал басылып калыптыр* (Сасыкбаев). 3. *өт.* Жол, мүмкүндүк. *Билим – дүйнөлүк маданиятка татыктуу кожоюн катары ишенимдүү аралашууга ачылган чоң эшик. Ошондон кийин мага бакыттын эшиги ачылгандай болду* («Эркин Тоо»).

**ЭШИК АГА** 1. Хан ордосунда хандын кабыл алуу иштерин тейлеп туруучу кызматкер. *Апсаңдап айбат көргөзүп тил кайрыган төрө Мамбетти элпек эшик ага кызматкерине айлантты* (Бейшеналиев). *Эшик агадан «ичке кирүүчүлөр бүттү» деген кабар Сооронбайга жетти* (Бейшеналиев). 2. Жородо сырттан киши кийирбей, эшик кайтарып туруучу адам. *Эшик ага болгон адамды төрдө отургандар тамашалап жатышты* (Осмоналиев).

**ЭШИК АЧАР** Кызды көрүүгө келгенде келиндерге берилүүчү акча, белек. *Жеңкетайды, эшик ачар, төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев).

**ЭШИК БОО** Боз үйдүн түндүгүнөн арта салынып босогонун үстүнкү туура жыгачына байлануучу боо.

**ЭШИК ЖЫРТУУ** Тынымсыз келе берүү, тындырбоо, кайра-кайра кирип-чыга берип тажатуу. *Түн жамынып эшик жырткан жарамазанчы болуптур дедирип элге-журтка кеп кылмаксың го* (Осмоналиев). **В.: Эшик тындырбоо.** *Үйгө кимдир бирөөлөр эшик тындырбай келүүчү болду* (Жусупов). *Эшик тындырбаган кардарлардын ичинен кантип эле анчалык эстүү бирөө табылбасын* (Бейшеналиев).

**ЭШИК ТӨРДӨЙ** Эшиктен төргө чейинкидей, анчалык чоң эмес аралык деген мааниде колдонулат. *Эшик төрдөй калганда Эмилбек баа эте бакырып, тигини көздөй жүткүндү* (Осмоналиев).

**ЭШИК ТЫНДЫРБОО** *к.* **эшик жыртуу.**

**ЭШИК ЫРЧЫ** Ири дин кызматкерлеринин, же башка белгилүү адамдардын кол астында, короо-сарайында жүрүп, ошолорду мактап ырдаган же ар кандай айтыштарда өз ээсинин таламын талашкан, шайлоолордо элди өз кишиси тарапка үгүттөгөн ырчылар.

**ЭШИКТЕШ** Эшиктери бири-бирине маңдайлаш, коңшулаш; айылдаш, ирегелеш, кошуна. *Алмамбет, Чубак ордосун Таласка эшиктеш кылып тиксин дейт* («Манас»).

**ЭШИК-ТӨРҮН КӨРҮҮ** Үйгө кирип-чыгуу, үйүндө болуу, үй-жайын көрүү. *Чын эле ошентиңиз, жеңе, биздин эшик-төрдү көрө кетиңиз* (Тойбаев). *Үйгө барып, эшик-төрдү көрүп кетиңиз* (Жантөшев).

**ЭШИКЧЕ** Кичине эшик.

**ЭШИКЧИ** Эшик кайтарган, эшик тоскон адам.

**ЭШИЛ эш** этиштеринин туюк мамилеси.

**ЭШИЛМЕ** Эшилип, куюлуп кете турган (мис. кум). *Эшилме кумдуу чалкак бел* («Манас»).

**ЭШИТ** Ук.

**ЭШМЕ** 1. Аялдардын чачына кошуп, узун кылып өрүүчү кара жип. 2. Койдун жүнүнөн, эчкинин, топоздун кылтагынан, жылкынын куйрук-жалынан түйдөктөп, чыйратуу менен эшилген жип, аркан.

**ЭШМЕЧИ** Эшмени жүзөгө ашыруучу чебер.

**ЭШТИР эш** этиштеринин аркылуу мамилеси.

**ЭЭ I** 1. Кожоюн, өз менчигине тиешелүү мүлктүн, байлыктын ж.б. башкаруучусу, кожоюну. *Өзүң көргөн көп малай Ээ болчу түк адам жок* (Үсөнбаев). *Ээси кайда жашырат, Аллдадан өкүм болгон соң* (Казыбек). 2. Бир нерсени башкара, пайдалана билген, жөнүн билген киши. *Азыркы техниканын ээси жаштар.* 3. *грам.* Сүйлөмдөгү ойдун негизин ээлеген сөз.

**ЭЭ II** 1. Бир нерсеге кайрылганда, наарazыланып же көңүл бөлбөй койгон учурда айтылат. *Ээ, баатыр, жол болсун! – деди* (Осмонов). 2. *сүйл.* Макул болгондугун суроо же туура экендигин ырастоодо айтылат. *Эртең чоң атамдыкына барабыз, ээ?*

**ЭЭ БОЛУУ** Жетишүү. *Айганыш жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен бат эле кадыр-баркка ээ болду* (Байтемиров). *Ал өзүнүн эмгекчилдиги менен жогорку билимге ээ болду.*

**ЭЭ-ЖАА БЕРБӨӨ** Алкынып-жулкунуп тажаалдануу, жулунуу, токтоо бербөө, улам күчөй берүү. *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп ээ-жаа бербей кетме жайы бар* (Байтемиров). *Айымкан көкүрөгүн тээп ташкындап келген кусасын чыгара ээ-жаа бербей катуу-катуу ыйлады* (Өгөбаев). **В.: Ээ бербөө.** *Ээ бербей кетти. Койчусуна ээ бербес элем, бирок ал ээрчиткен көк иттин азабы өттү.*

**ЭЭ КЫЛБОО** Чондук кылуу, моюн бербөө, үстөмдүк кылуу, бийлик бербөө. *Ээ кылбай алып кеткен дешет* (Эралиев).

**ЭЭГИ ТҮШКӨН** Абдан карыган, карылыгы жеткен. *Ээги түшкөн менен, карыянын акылы али даана, баскан-турганы тың* («Чалкан»). *Ээгим түшсө мейличи, Эрмек болуп жатамын* (Токтогул).

**ЭЭГИ ЭЭГИНЕ ТИЙБӨӨ** 1. Токтолбой абдан тез сүйлөө. *Ээги ээгине тийбей сүйлөйт.* 2. Көгөрүп абдан үшүп, титиреп кеткен абалга карата айтылат. *Ээги ээгине тийбей калчылдайт.*

**ЭЭК АЛГЫЧ** Элечектин ээк алдынан өткөрүлүп, ээкке чалына турган кууш тилке бөлүгү.

**ЭЭК АЛДЫНДА** Алыс эмес, жакын эле аралыкта, жакын жерде. *Ээк алдында душман бар, Эбин таап киргиле* («Эр Төштүк»).

**ЭЭК** Жаактын асты жагындагы тегерек тарткан урчуктуу бөлүгү. *Жаагы жазы, ээги узун, Эрди калың, көзү үңкүр, Эр мүнөзү көрүндү* («Манас»). *Эңсеген элим аманбы? Ээгимдеги сакалым Элсизде жүрүп агарды* (Токтогул).

**ЭЭЛЕ** Ээ болуу, өзүнө менчиктөө, тиешелүү кылуу, өз карамагына каратуу. *Ээн жаткан жылкыңды, Ээлеп алдым, билдиңби?* («Эр Табылды»). *Керимбай бүтүн ээлеген Кетмен-Төбө базарын* (Токтогул) *Ак кардуу тоону ээлеген – Ата журтум кыргыз эл* (Токтогул).

**ЭЭЛЕН I** Өз оюндагысын, өз каалаганын иштөөгө умтулуу, элеп-желеп болуу. *Ээн баштын белгиси, Ээленет ыкка көнбөстөн* (Осмонкул). *Ээленип өз билгеним жасайм дебе, Табият түзүп койгон жашайт ченем!* (Байгазиев).

**ЭЭЛЕН II ээле** этишинин өздүк мамилеси.

**ЭЭЛЕНТ ээлен I** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭЛЕНҮҮ ээлен I** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭЛЕТ ээле** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭЛЕШ ээле** этишинин кош мамилеси.

**ЭЭЛИГҮҮ ээлик** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭЛИК** 1. Самаган, тилеген максатыма жетсем деп, токтоно албай күүлөнүү, чыдамсыздануу, ээленүү. *Бат эле жетсек экен деп ээлигип келе жаткан чалдар* (Сыдыкбеков). 2. Кызуу, токтоо бербөө, оозун тарттырбоо (жылкыга карата). *Ээлигип тулпар чуркады* (Калык). *Ээликтирип күлүктү, Байлап жүрдүк бир кезде* (Казыбек).

**ЭЭЛИК БОЛУУ** Элдик салтта жакындары жок болсо, алардын буюм-тайымдары, дүрдүнүйөсү, мал-мүлкү, үй-жайы, жекече байлыктары эл-журттун калыстыгында чечилип, жакындарына бөлүштүрүп берүү.

**ЭЭЛИКМЕ** Ээлигип кетме, оолукма. *Эр көкүрөк ээликме, Сөзүңдө заарың бар экен* («Эр Табылды»).

**ЭЭЛИКТИР ээлик** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭЛӨӨ ээле** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭН** 1. Эл жашабаган, эч ким жок, киши ээлебеген. *Ээн талаа. Ээн үй. Ээн жер. Солдаттардын огу тийип, кала берген бейиттери томпойгон* (Байгазиев). 2. Эркинче, бош, кароосуз. *Ээгиңдеги көп сакал Ээн койдуң тарабай* (Токтогул). *Карышкыр талаада ээн койлорду кыра берди* (Тоголок Молдо).

**ЭЭН БАШ** Бейбаш, тартипсиз, адеби жок, адеп сактабаган. *Өгүнү, ээн баш балдар чын эле көпүрөнүн үстүнө таш ыргытып, бир-эки таягын сындырып таштапкан* (Борбиев). *Ээн баш балаңды кой дечи.*

**ЭЭН ЖЕРДИН БӨРҮСҮНДӨЙ** Өз билгенин иштеген, ээн баш, өзү билип, өзү бийлеген. *Ээн жердин бөрүсүндөй жулунган ала өпкө жигиттер өз тарабына күлүктөрүн сүрөйт* (Осмоналиев). – *Ой, алар бу жерде ээн жердин бөрүсүндөй жойлошот! – деди Доолдак* (Үмөталиев). *Кээде эки үзөңгүнү тең тээп калыстык айткан болуп, куулукшумдукту таман алдынан ойлоп таап, ээн жердин бөрүсүндөй эркин жойлоду* (Үмөталиев). **В.: Ээн жердин көк бөрүсү.** *Ээн жердин көк бөрүсү болгон ошол Октор жинди чалыш иштерди көп жасоочу дешет* (Осмоналиев).

**ЭЭН ООЗ** Оюна келгенди сүйлөй берген, бир нерсени туура келсе да, келбесе да айта берген. *Эми андай ээн ооздордун оюна келгенди айта беришине жол бербейбиз* («Фрунзе шамы»).

**ЭЭН ТАЛАА, ЭРМЕ ЧӨЛ** Эч адам жашабаган, эч ким жүрбөгөн жер. *Ээн талаа, эрме чөлгө түш келдик, күн ысык, мээ кайнайт* (Шүкүрбеков).

**ЭЭНДЕ** Ээн чыгуу, ээн болуу, киши жок, обочо жерге баруу. *Кундуз ээндеп, далда жерге барып сүйлөшөт* (Бейшеналиев).

**ЭЭНДЕТ** **ээнде** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭНДЕШ** **ээнде** этишинин кош мамилеси.

**ЭЭНДӨӨ** **ээнде** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭНСИРЕ** Ээн сезүү, өзүн ээн, обочо калгандай сезүү, коңултуктоо. *Караңгылаган сайын кара алачыкта отурган экөө ээнсирей берди* (Убукеев).

**ЭЭНСИРЕТ** **ээнсире** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭНСИРЕШ** **ээнсире** этишинин кош мамилеси.

**ЭЭНСИРӨӨ** **ээнсире** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭР КАЧКЫ** Качкы, кичине эле кармоодон чыкса качып жөнөгөн (ат жөнүндө). *Эрегиште эр үчүн Ээр качкы ат жаман* (Жантөшев).

**ЭЭР** Миниле турган унаага (мис., жылкыга) токулуп, үстүнө минип отурууга ылайыкталып жасалган, үзөңгү, куюшкан тагылып, унаага басмайыл менен таңып бекитиле турган шайман, унаа жарагы. *Үзөңгүдөн бут тайып, Ээрден көчүк кылтайып* («Манас»). *Адыл атынын ээрин алып, таң ашырып койду* (Жантөшев). *«Жеткизбе! – деп, – эч бирине!» – жолдошуң эркин токуп бере салат атына* (К. Осмоналиев).

**ЭЭР ТОКУМ** Ээр, ичмек, тердик, желдик, басмайыл ж.б. сыяктуу токууга керек боло турган унаа турманы. *Миң жылкыга тургандай, Ээр-токумуң күмүштөн* («Семетей»).

**ЭЭРДЕ** Ээр токуу. *Эшегин токуп ээрдеп, Энесин тилдеп кээрдеп* (Тоголок Молдо).

**ЭЭРДИ АККА ТИЙҮҮ** Айран-сүткө аралашып, акка тоюнуп калуу. – *Ооба, ээрдибиз акка тийип, балдар балыкка тоюп оңуп калдык* (Укаев).

**ЭЭРДИ ЭЭРДИНЕ ТИЙБӨӨ** *к.* **эрди-эрдине жукпоо.**

**ЭЭРДИН КАШЫН ТААНЫТУУ** Бирди көрсөтүү, акесин окутуп, эсине келтирип коюу. – *Ээрдин кашын таанытамын, саа! Эми сени болуш этек-жеңиңди кестирип туруп Шыбырга айдатат* (Үмөталиев). – *Ал кул кутурган экен, ээрдин кашын таанытып койбосок болбойт го, журт!* (Сыдыкбеков).

**ЭЭРИНИН КАШЫН ТААНУУ** Эсине келип, өзүнүн абалын, ким экенин сезип калуу, мурдагыдай болбой басырыла түшүү. *Айтор, неси болсо да, Кулбарактын тентектери ээринин кашын таанып калды, баатыр* (Сыдыкбеков).

**ЭЭРЧИ I** Ээр чапкан, ээр жасаган уста. *Ээрчи кайыңдан ээр чапты.*

**ЭЭРЧИ II** 1. Бирөөнүн артынан басуу, кошо жүрүү, артынан калбоо. *Жолоочуну ээрчип ит өлөт* (макал). *Эчтемени түшүнө албаган Зуура Чаргынды ээрчий кирди* (Сыдыкбеков). 2. *өт.* Бирөөнүн ыгы менен жүрүү, өз алдынча болбой, башка бирөөнүн тилинен, оюнан чыкпоо, бирөөнүн пикирине, оюна кошулуу. *Атагыңыз жер жарган Күнтүү аке сизди ээрчидик* (Сыдыкбеков). *Бирөөнүн оюн ээрчип сүйлөө.*

**ЭЭРЧИМЕ** Өз алдынча эмес, бирөөгө кошулуп кете берген, өзүнчө эчтемени чече албаган. *Журтбек өзүнүн мүнөзүнүн туруксуз, ээрчиме экендигине кыжырдануучу* (Бейшеналиев).

**ЭЭРЧИТ** **ээрчи** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЭЭРЧИШ** **ээрчи** этишинин кош мамилеси.

**ЭЭРЧҮҮ** **ээрчи** этишинин кыймыл атоочу.

**ЭЭСИНЕ БЕРҮҮ** Кайтыш болуу, ажырап калуу. *Болор иш болду, кызыңды ээсине бердик* (Абдукаимов). – *Ээ, а шордуну ээсине бергенбиз* (Кушубеков).

**ЭЭЧИ** **ээрчи II** менен бирдей.

# Ю

**ЮАНЬ** *экон.* Кытай Эл Республикасынын акча бирдиги.

**ЮБИЛЕЙ** 1. Адамдын, кандайдыр бир окуянын, мекеменин, шаардын ж.б. белгилүү жашка, (жылга) толушу. *Юбилейлик жыл. Юбилейлик жаш.* 2. Ушундай салтанаттуу белгилөөгө арналган майрам. Салтанаттуу күн. *Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын 50 жылдык юбилейине арналган салтанаттуу чогулуш өттү.*

**ЮБИЛЯР** Юбилейи өткөрүлүп жаткан киши, мекеме ж.б. *Юбилярдын дарегине көптөгөн куттуктоолор келип түштү.*

**ЮБКА** Аялдардын, кыздардын белден төмөн кийүүчү сырт кийими. *Юбка кийген кыз.*

**ЮВЕЛИР** Асыл таштардан, алтын, күмүштөн ж.б. түстүү металлдардан кооз буюмдарды, көркөм нерселерди жасоочу зергер.

**ЮЛИЙ КАЛЕНДАРЫ** *астр.* Эски стилдеги жыл эсептөө системасы. Жылдын узактыгы 365,25 суткадан турат. Демек, 400 жылда 3 суткага жакын ката кетет.

**ЮМОР** Турмуштагы ар кандай кемчиликтерди, адамдын жүрүш-турушунун терс жактарын күлкү, тамашага салып, куйкумдуу тапан сөздөр аркылуу айтуу, билдирүү ыкмасы, ушундай ыкма менен түзүлгөн адабий же искусстволук чыгарма.

**ЮМОРЕСКА** Адабий же музыкалык чакан юмордук чыгарма.

**ЮМОРИСТ** Юморлук чыгармаларды түзүүчү автор же аткаруучу артист.

**ЮМОРЧУ** **юморист** менен бирдей.

**ЮНГА** Кемеде матростук кызматка даярдалып жаткан жаш өспүрүм жана кенже матрос.

**ЮНКЕР** 1. Феодалдык Пруссияда: жер ээлөөчү ири помещик. 2. Падышалык Россияда: согуштук окуу жайындагы офицерликке даярдалуучу окуучу.

**ЮПИТЕР** *астр.* Күн системасынын чоң планеталардын эң ириси.

**ЮРИДИКАЛЫК** Укук таануу иштерине, укук таануу илимине таандык.

**ЮРИСДИКЦИЯ** Укуктук маселелерди кароого, чечүүгө укуктуулук.

**ЮРИСПРУДЕНЦИЯ** Юридикалык илимдердин системасы, ошондой эле юристтердин ага байланышкан практикалык ишмердиктери.

**ЮРИСТ** Укук таануу иштери, укук таануу илими боюнча адис. *Күнөөсүз адамга кол көтөргөн адам жоопко тартылаарын жакшы билесиз, жолдош юрист* (Стамов).

**ЮРИСТКОНСУЛЬТ** *экон.* Укуктун практикалык маселеси боюнча мекемеге, ишканага же уюмга караштуу туруктуу кеңешчи.

**ЮСТИЦИЯ** 1. Сот иштерин жүргүзүү. 2. Сот мекемелеринин системасы.

# Я

**Я!** Кайрылганда, чочуганда колдонулуучу сөз. *Я Алла, – деп бакырып. Я балам Шамалбайдын уулу эмессиңби?*

**Я ПИРИМ** Ой колдоочум! *Апыртмасы жок чыгар – жаш чагында ошол матоо ташты өзү эле «я, пирим!» деп чөгөрүлгөн төөнүн комуна салчу экен* (Айтматов).

**ЯБГУ** *тар.* Орто кылымдарда Карлук мамлекетинде бийлик ээсине берилүүчү наам, негизинен уруу башчысына, чакан аймактагы уруу бийлигин жүргүзгөн кишиге берилген.

**ЯГНИ** *диал.* Башкача айтканда. *Ягни бул кызылды алты үлүшкө бөлөбүз. Албетте, менден алган үрөнүңөрдү алды менен маңдайынан чыгарып коёбуз* (Жантөшев).

**ЯДРО** 1. Бир нерсенин ички борбордук өзөгү. *Жердин ядросу. Атом ядросу.* 2. *эск.* Замбиректин шар сыяктуу тоголок снаряды. 3. Спорттук көнүгүүлөрдө, мелдештерде ыргытуу үчүн колдонулуучу металлдан куюлган тоголок шар.

**ЯДРОЛУК** 1. Ядро болуучу процесстерге тиешелүүлүк. Ядролук куралдарга тиешелүүлүк. *Ядролук мамлекеттер. Ядролук ракеталар, Ядролук бомба.*

**ЯК МАЛА** Бир атар мылтык.

**ЯКИ** Башкача айтканда. *Маданиятка жаңыдан кадам басып келе жаткан улуттун басма сөзү яки кезити болот* (Эркин-Тоо).

**ЯКОРЬ** Кемени сууда бир жерге токтотуп туруу үчүн колдонулуучу илмектүү оор темир.

**ЯМБ** *адаб.* Басымы экинчи муунда болгон эки муундуу ыр сабы.

**ЯМЩИК** Почтону ж.б. нерселерди станциядан экинчи станцияга жеткирүүчү киши, арабакеч.

**ЯНВАРЬ** Календардык жылдын биринчи айы.

**ЯНКИ** Америкалыктардын жалпы ылакап аты.

**ЯНТАРЬ** 1. Жердин терең катмарынан казып алынган ийне жалбырактуу жыгачтын ташка айланган сары түстөгү тунук чайыр. 2. Ушул заттан жасалган ар кандай буюмдар, кооз жасалгалар.

**ЯНЫЧАР** Султандын Турцияда, б.а. XIV кылымдарда негизинен жазалоо үчүн түзүлгөн бөлүктүн жөө аскерлеринин аталышы.

**ЯРЛЫК** Товарга же башка бир нерсеге түрлүү маалыматтарды (санын, даярдалган жерин, номерин ж.б.) жазып жабыштырып коё турган кагаз же жука тактайча, жарлык.

**ЯРМАРКА** *к.* **жарманке.**

**ЯСЛИ** Эне-атасы кызматта жүргөн убакта үч жашка чейинки балдарды багуу, тарбиялоо иштерин жүргүзүүчү мекеме.

**ЯХНА** Суутулган, муздатылган. *Жатсаң жамбаш талбаска, Атлас, жибек, шайы бар. Тамагыңды жибитет, Асал кошкон майы бар. Суусунуңду кандырат, Сууткан яхна чайы бар* (Барпы).

**ЯХТА** 1. Жел кайык. 2. Моторлуу жел кеме..

**ЯХТЕК** *диал.* Астары жок жеңил чапан.

**ЯХТСМЕН** Яхта менен машыккан спортчу.

**ЯЧЕЙКА** *тар.* Баштапкы партиялык, комсомолдук уюмдардын 1934-жылга чейинки эски наамы. *Бир кезде партиялык ячейкага секретарь болуп жүргөн* (Абдукаримов).

**ЯЩИК** Чарбалык максатта ичине бир нерсе салуу үчүн жыгач, темир, пластмасса ж.б. материалдан жасалган төрт бурчтуу эмерек. *Алма, жүзүм, дарбызын, Тандап үзүп ящиктерге салабыз* (Маликов).

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

*ав.* – авиация
*адаб.* – адабияттык
*анат.* – анатомиялык
*археол.* – археология
*архит.* – архитектура
*астр.* – астрономия
*а.ч.* – айыл чарба термини
анч. – аңчылык
*биол.* – биология
*бот.* – ботаника
*бухг.* – бухгалтериялык термин
*вет.* – ветеринария
*геогр.* – география
*геод.* – геодезия
*геол.* – геология
*грам.* – грамматика
*диал.* – диалектилик сөз
*дипл.* – дипломатия
*дин.* – диний сөздөр
*ж.б.* – жана башка
*зоол.* – зоология
*инф.* – информатика
*иск.* – искусство
*к.* – кара
*мат.* – математика
*мад.* – маданият
*мед.* – медицина
*мис.* – мисалы
*миф.* – мифология
*муз.* – музыка
*өт.* – өтмө мааниде
*пед.* – педагогика
*полигр.* – полиграфия
*психол.* – психология
*саяс.* – саясий термин
*спорт.* – спорттук термин
*сүйл.* – сүйлөшүүдө, оозеки речте
*сүр.* – сүрөт
*т.а.* – тамак-аш
*тар.* – тарых
*тех.* – техника
*фарм* – фармакология
*физ.* – физика
*филос.* – философия
*фин.* – финансылык термин
*хим.* – химия
*экон.* – экономика
эск. – эскирген
*этн.* – этнография
*юр.* – юридикалык термин

## ИЛЛЮСТРАЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН БУЛАКТАРЫ

**(төмөнкү авторлордун чыгармаларынан, ошондой эле фольклордук чыгармалардан жана газета-журналдардан алынды)**

**I**

«Залкар акындар» –«Залкар акындар», 8 том.
«Курманбек» – «Курманбек» эпосу
«Манас» – «Манас» эпосу
«Мендирман» – «Мендирман» поэмасы
«Олжобай менен Кишимжан» – «Олжобай менен Кишимжан» эпосу
«Саринжи-Бөкөй» – «Саринжи-Бөкөй» эпосу
«Сейтек» – «Сейтек» эпосу
«Семетей» – «Семетей» эпосу
«Эл адабияты» – «Эл адабияты» сериясы, 30 том.
Эл ырлары – Эл ырлары
«Эр Табылды» – «Эр Табылды» эпосу
«Эр Төштүк» – «Эр Төштүк» эпосу

**II**

А. Токтомушев – Алым Токтомушев
А.Рыскулов – Акбар Рыскулов
Абакиров – Мелис Абакиров
Абдалова – Фатима Абдалова
Абдукаимов – Узакбай Абдукаимов
Абдукаримов – Мамасалы Абдукаримов
Абдумомунов – Токтоболот Абдумомунов
Абдыкадырова – Субайылда Абдыкадырова
Абдыкалыков – Жолдошбай Абдыкалыков
Абдыкасымова – Майрамкан Абылкасымова
Абдыкеримова – Сатин Абдыкеримова
Абдыраманов – Шабданбай Абдыраманов
Адашбаев – Турсунбай Адашбаев
Адышева – Тенти Адышева
Айтматов – Чыңгыз Айтматов
Айтыке – Айтыке
Акаев – Кубаныч Акаев
Акбаров – Атантай Акбаров
Акималиев – Алик Акималиев
Акматалиев – Абдылдажан Акматалиев
Акматбекова – Сагын Акматбекова
Акматов – Казат Акматов
Актан – Актан Тыныбеков
Алиев – Мар Алиев
Алмазбеков – Какен Алмазбеков
Алыбаев – Жапаркул Алыбаев
Алымбаев – Абдрахман Алымбаев
Алымбеков – Надырбек Алымбеков
Алымкожоев – Медербек Алымкожоев
Алымкул – Алымкул Үсөнбаев
Арстанбек – Арстанбек Буйлаш уулу
Артыкбаев – Качкынбай Артыкбаев
Арыков – Ташмат Арыков
Асанбеков – Сарман Асанбеков
Ауэзов – Мухтар Ауэзов
Ашымбаев – Калканбай Ашымбаев
Ашыраалы – Ашыраалы Айталиев
Б. Абакиров – Барктабас Абакиров
Б.Алыбаев – Биримкул Алыбаев
Б.Асаналиев – Байтемир Асаналиев
Байгазиев – Советбек Байгазиев
Байжиев – Мар Байжиев
Байзаков – Түмөнбай Байзаков
Байтемиров – Насирдин Байтемиров
Бакиров – Карбалас Бакиров
Баласагын – Жусуп Баласагын
Барпы – Барпы Алыкулов

| | |
|---|---|
| Баялинов | – Касымалы Баялинов |
| Бегимкулова | – Азада Бегимкулова |
| Бейшеналиев | – Шүкүрбек Бейшеналиев |
| Белеков | – Абдылда Белеков |
| Бердибаев | – Абдрашит Бердибаев |
| Бердикеев | – Канболот Бердикеев |
| Бобулов | – Камбаралы Бобулов |
| Боогачы | – Боогачы Жакыпбек уулу |
| Борбугулов | – Мухтар Борбугулов |
| Бөкөнбаев | – Жоомарт Бөкөнбаев |
| Бугубаев | – Барчынбек Бугубаев |
| Буларкиева | – Майрам Буларкиева |
| Гамзатов | – Расул Гамзатов |
| Гапаров | – Мурза Гапаров |
| Гилязетдинов | – Ильгиз Гилязетдинов |
| Даникеев | – Өскөн Даникеев |
| Даутов | – Кадыркул Даутов |
| Долаев | – Өмүрбек Долаев |
| Дүйшеев | – Шайлообек Дүйшеев |
| Ж. Мамбеталиев | – Жээнбай Мамбеталиев |
| Жакиев | – Бексултан Жакиев |
| Жакшылыков | – Асан Жакшылыков |
| Жамгырчинов | – Жума Жамгырчинов |
| Жангазиев | – Муса Жангазиев |
| Жантөшев | – Касымалы Жантөшев |
| Жаркынбаев | – Нурпаис Жаркынбаев |
| Жеңижок | – Өтө Көкө уулу |
| Жетикашкаева | – Нуркамал Жетикашкаева |
| Жигитов | – Салижан Жигитов |
| Жоошбаев | – Макей Жоошбаев |
| Жуманазаров | – Кудайберген Жуманазаров |
| Жунусов | – Камчы Жунусов |
| Жунушов | – Каныбек Жунушов |
| Жусубалиев | – Кубатбек Жусубалиев |
| Жусуев | – Сооронбай Жусуев |
| Жусупов | – Кеңеш Жусупов |
| Жүндүбаева | – Нинакан Жүндүбаева |
| Закирова | – Тазагүл Закирова |
| Ибраев | – Эсенгул Ибраев |
| Исаков | – Исабек Исаков |
| К. Белеков | – Кемел Белеков |
| К. Осмоналиев | – Калыбай Осмоналиев |
| К. Урманбетов | – Кыялбек Урманбетов |
| Казакбаев | – Дайырбек Казакбаев |
| Казыбек | – Казыбек Мамбетемин уулу |
| Каимов | – Касым Каимов |
| Калмырза | – Калмырза Сарпек уулу |
| Калыгул | – Калыгул Бай уулу |
| Калык | – Калык Акыев |
| Карагулов | – Билим Карагулов |
| Карагулова | – Роза Карагулова |
| Карачев | – Сыдык Карачев |
| Касымбеков | – Төлөгөн Касымбеков |
| Келдибекова | – Шербет Келдибекова |
| Кожомбердиев | – Турар Кожомбердиев |
| Коргол | – Коргол Досуев |
| Көчкөнов | – Орозбай Көчкөнов |
| Култегин | – Кожогелди Култегин |
| Кулумбаев | – Өмүркул Кулумбаев |
| Кушубеков | – Касым Кушубеков |
| Күрүчбеков | – Акынбек Күрүчбеков |
| Кыдыров | – Абдий Кыдыров |
| Кылычов | – Абдрасул Кылычов |
| Мавлянов | – Жунай Мавлянов |
| Маймулов | – Сулайман Маймулов |
| Маликов | – Кубанычбек Маликов |
| Мамазаирова | – Менди Мамазаирова |
| Маматова | – Урниса Маматова |
| Мамбетаипова | – Шакен Мамбетаипова |
| Мамбетакунов | – Кадырбай Мамбетакунов |

Мамбеталиев – Уркаш Мамбеталиев
Мамеев – Төлөгөн Мамеев
Мамытов – Жолон Мамытов
Матисаков – Абдиламат Матисаков
Медетов – Жакып Медетов
Мидин – Мидин Алыбаев
Мияшов – Таш Мияшов
Молдо Багыш – Молдо Багыш
Молдобаев – Тургуналы Молдобаев
Момунова – Гүлсайра Момунова
Музооке – Жаманкара уулу Музооке
Муканов – Табылды Муканов
Нуркамал – Нуркамал Жетикашкаева
К. Осмоналиев – Калыбай Осмоналиев
Осмоналиев – Качкынбай Осмоналиев
Осмонкул – Осмонкул Бөлөбалаев
Осмонкулова – Мая Осмонкулова
Осмонов – Алыкул Осмонов
Өмүрбаев – Сагындык Өмүрбаев
Өмүрканов – Анатай Өмүрканов
Өгөбаев – Курманбек Өгөбаев
Өмүров – Бактияр Өмүров
Пушкин – А.С. Пушкин
Раев – Султан Раев
Рыскулов – Рамис Рыскулов
«Манас» С.К. – Саякбай Каралаев
«Манас» С.О. – Сагымбай Орозбаков
Саалаев – Жедигер Саалаев
Саатов – Жапар Саатов
Сабыров – Курбаналы Сабыров
Садырбаев – Дооронбек Садырбаев
Салгамани – Бектуруш Салгамани
Самудинов – Токтосун Самудинов
Сариева – Калбүбү Сариева
Сарногоев – Байдылда Сарногоев
Сартов – Беганас Сартов
Саспаев – Аман Саспаев
Сасыкбаев – Саткын Сасыкбаев
Сейталиев – Медетбек Сейталиев
Стамов – Асанбек Стамов
Станалиев – Самсак Станалиев
Субанбеков – Тойчу Субанбеков
Султаналиев – Жоробек Султаналиев
Султанов – Омор Султанов
Сыдыкбеков – Түгөлбай Сыдыкбеков
Ташбаев – Карымшак Ташбаев
Таштемиров – Жаки Таштемиров
Тоголок Молдо – Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракманов)
Тойбаев – Мырзабек Тойбаев
Токобаев – Молдогазы Токобаев
Токоев – Асан Токоев
Токомбаев – Аалы Токомбаев
Токтакунов – Акбар Токтакунов
Токтогул – Токтогул Сатылганов
Токтогулов – Аман Токтогулов
Токтомушев – Абдрасул Токтомушев
Тургунбаев – Сүйөркул Тургунбаев
Турсуналиев – Мукамбеткалый Турсуналиев
Турсунбеков – Чыныбай Турсунбеков
Турсунов – Эрнис Турсунов
Турусбеков – Жусуп Турусбеков
Тууганбай – Тууганбай Абдиев
Тыналиева – Алымкан Тыналиева
Тыныбеков – Токтосун Тыныбеков
Тынымсеитова – Жумакан Тынымсеитова
Тыныстанов – Касым Тыныстанов
Убукеев – Айткулу Убукеев
Узакбаев – Эргешбай Узакбаев
Узакова – Айгүл Узакова
Укаев – Кымбатбек Укаев

| | | |
|---|---|---|
| Үмөталиев | – | Темиркул Үмөталиев |
| Урманбетов | – | Совет Урманбетов |
| Усубалиев | – | Бейшебай Усубалиев |
| Үсөнбаев | – | Замирбек Үсөнбаев |
| Чойбекова | – | Алмаш Чойбекова |
| Чокоев | – | Эсенгул Чокоев |
| Чонду | – | Чонду Койчуман уулу |
| Чотурова | – | Бактыгүл Чотурова |
| Ш. Үмөталиев | – | Шаршенбек Үмөталиев |
| Шакирова | – | Гүлжамал Шакирова |
| Шамшиев | – | Төлөн Шамшиев |
| Шатманов | – | Салибай Шатманов |
| Шимеев | – | Смар Шимеев |
| Ысак | – | Ысак Шайбеков |
| Ысмайыл | – | Ысмайыл Борончиев |
| Э. Кылычев | – | Эсентур Кылычев |
| Элебаев | – | Мукай Элебаев |
| Эралиев | – | Сүйүнбай Эралиев |
| Э.Турсуналиев | – | Эстебес Турсуналиев |
| Эшмамбет | – | Эшмамбет Байсеит уулу |
| Юдахин | – | К.К.Юдахин |

### III

| | | |
|---|---|---|
| «Айыл чарба» | – | «Кыргызстандын айыл чарбасы» журналы |
| «Ала-Тоо» | – | «Ала-Тоо» журналы |
| «Жаш ленинчи» | – | «Жаш ленинчи» журналы |
| «Кыргызстан маданияты» | – | «Кыргызстан маданияты» жумалыгы |
| «Коммунист» | – | «Коммунист» журналы |
| «Кут билим» | – | «Кут билим» газетасы |
| «Кыргызстан аялдары» | – | «Кыргызстан аялдары» журналы |
| «Кыргызстан пионери» | – | «Кыргызстан пионери» газетасы |
| «Ленинчил жаш» | – | «Ленинчил жаш» газетасы |
| «Мугалимдерге жардам» | – | «Мугалимдерге жардам» журналы |
| «Советтик Кыргызстан» | – | «Советтик Кыргызстан» газетасы |
| Фольклор | – | Фольклордук чыгармалардан |
| «Чалкан» | – | «Чалкан» журналы |
| «Эркин тоо» | – | «Эркин тоо» газетасы |
| «Аалам» | – | «Аалам» газетасы |
| «Агым» | – | «Агым» газетасы |
| «Кыргыз туусу» | – | «Кыргыз туусу» газетасы |
| «Жаңы ордо» | – | «Жаңы ордо» газетасы |
| «Адабий Ала-Тоо» | – | «Адабий Ала-Тоо» газетасы |
| «Мугалимдер газетасы» | – | «Мугалимдер газетасы» |

## Жылдыздардын кыргызча аталышы

1.Үркөр. 2. Толтойдун огу. 3. Үч аркар. 4. Жетиген. 5. Кичи. 6. Алтын казык. 7. Кошоктолуу кош музоо. 8. Сар жылдыз. 9. Чолпон (Венера). 10. Балбылдак жылдыз. 11. Чычкылуу жылдыз (Меркурий). 12. Саман жол. 13. Ай. 14. Күн. 15 Көргөн саба.

## Пирлер

**Көкө Теңир** – асмандын, көктүн пири.
**Күн Теңир** – күндүн пири.
**Жер Эне** – кара жердин пири.
**Умай Эне** – аялзаттын, наристенин, молчулуктун пири.
**Эламан** – элдин пири
**Адам Ата** – адамзат пири
**Кадыр Ата (Кызыр ата, Жыланач ыйык)** – адамды колдоочу, жөлөөчү, бакыт-таалай бере турган жакшылыктын, бейпилдиктин, жолдун пири.
**Ак Тайлак–Коркут** – бакшылыктын пири.
**Имам Мазам** – соодагерликтин пири.
**Баба Дыйкан** – эгиндин пири.
**Кырк Чилтен** – жоокердиктин, эр азаматтын пири.
**Шайык Баба** – акылдын пири.
**Өтүкан (Тастар Ата)** – тоонун пири.
**Күлдүр Ата** – жамгырдын пири.
**Сулайман (Сувай)** – суунун пири.
**Үркөр Ата** – жылдыздын пири.
**Жел кайып** – шамалдын пири.
**Бай терек (Чынар)** – дарактын пири.
**Аяз Ата, Чилде Баба** – сууктун пири.
**Жез тырмак (Желмогуз, Зыяндаш)** – жамандыктын, кара ниеттиктин пири.
**Кырдач** – чилденин пири.
**Ак Байбиче (Кайберен)** – кийиктин пири.
**Ибрагим Халилулла** – там, дубалдын, топурактын пири.
**Дөөлөт Куш, Кыдыр Ильяс** – бакыттын пири.
**Шаймерден** – жигиттин пири.
**Заңги Баба Ай–Мүйүз, Үзөңгү Баба** – уйдун пири.
**Ак Мүйүз** – топоздун пири.
**Чие Ата** – чычкандын пири.
**Кумайык** – иттин пири.
**Чолпон Ата** – койдун пири.
**Камбар Ата** – жылкынын пири.
**Ойсул Ата** – төөнүн пири.
**Шыйпаң Ата (Чычаң Ата)** – эчкинин пири.
**Какчеке** – чүкө оюндун пири.
**Алп кара куш (Буудайык, Чегир баян)** – алгыр куштун пири.
**Коросон Ата** – эмчиликтин пири.
**Дулдул (Желмаян)** – күлүктүн пири.
**Ак Бугу** – темир, намыстын пири.
**Бүбү Батма** – казан-аяк, үй тиричилигинин пири.
**Каар Чаян** – курттун пири.
**Кумпа Баян** – кумурсканын пири.
**Солтон Мерген** – суурдун пири.
**Жоламан** – жолдун пири.
**Ордо кыз** – оюндун пири.
**Куланчы** – аңчылыктын пири.
**Чагыл Хан** – булут, жаандын пири.
**Дөөтү Ата** – устачылыктын пири.
**Коркут Ата** – ыр-күүнүн пири.
**Камбаркан** – үндүн пири.

## Муундардын аталышы

Бала, Ата, Чоң ата, Баба, Кубаар, Ата–Жото, Жете, Муштум, Нарк, Зади, Зил, Тек, Кубат, Медет, Таяныч, Урук, Уруу, Оң санат, Өзөк, Жөлөк, Асаба, Ураан, Улут, Уютку, Түркүк, Уюк, Урпак, Турпак.

Ата, Бала, Небере, Чөбүрө (Чүрпө), Кибире, Чүпүрө (Чебере), Кыбыра, Кымында, Тыбыра, Тарсылда, Торсулда, Жыбыра, Жымында, Чорбондо, Борсондо, Борсулда, Арбанда, Эрбенде, Сербенде, Өркөн.

## Бир күндүн-түндүн убакытка бөлүнүшү

Түн каракчысы. Таң дүмпөйү. Таң кулансөк атты. Таң кылайды. Таң аппак атты. Күн жайылган кез. Шашке. Улуу шашке. Жалган түш. Чак түш. Түш кыя. Түш ооган кез. Сарт бешим. Кыргыз бешим. Алакөлөкө. Намаздигер. Намаз шам. Күүгүм. Акшам. Иңир. Үрүүл. Бүрүүл. Куптан. Эки куптан. Түн. Эл жатаар. Түн бышкан кез. Түн ортосу (Жылдыз толгон учур). Сопу–садык (Үркөр көтөрүлгөн учур). Таң заары (Тараза жылдыз батканы). Бүлбүл. Аппак–шапак.

## Кыргызча жылдын аталышы

1. Чычкан.
2. Уй.
3. Барс.
4. Коён.
5. Улуу.
6. Жылан.
7. Жылкы.
8. Кой.
9. Маймыл (мечин).
10. Тоок.
11. Ит.
12. Донуз.

## Мүчөл жылдар

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | ден | 13 | бир | мүчөл |
| 24 | төн | 25 | « | » |
| 36 | дан | 37 | « | » |
| 48 | ден | 49 | « | » |
| 60 | тан | 61 | « | » |
| 72 | ден | 73 | « | » |
| 84 | төн | 85 | « | » |

## Кыргызча айдын аталышы

I. Жалган куран (март); II. Чын куран (апрель); III. Бугу (май); IV. Кулжа (июнь); V. Теке же теке какшык (июль); VI. Баш оона (август); VII. Аяк оона (сентябрь); VIII. Тогуздун айы (октябрь); IX. Жетинин айы же май билек ай (ноябрь); X. Бештин айы (декабрь); XI. Үчтүн айы (январь); XII I Бирдин айы (февраль).

## Жума күндөрүнүн аталышы

1. Дүйшөмбү (понедельник).
2. Шейшемби (вторник)
3. Шаршемби (среда)
4. Бейшемби (четверг)
5. Жума (пятница)
6. Ишемби (суббота)
7. Жекшемби (воскресенье)

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


Автотранспорт, автомобиль жолдору жана курулуш машиналары боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1990.

Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. – Фрунзе, Илим, 1961.

Айыл чарба энциклопедиясы. I, II том. Фрунзе, 1990.

Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. – Б., Баласагын, 1993.

Акматалиев А. Жыгаччылык жана элдик аваздык аспаптар (окуу куралы). – Фрунзе, 1992.

Акматалиев А. Зергерчилик, темирчилик, мүйүзчүлүк (окуу куралы). – Фрунзе, 1990.

Акматалиев А. Кийизчилик, чий чырмакчылык, түймөчүлүк, эшмечилик, куракчылык (окуу куралы). – Фрунзе, 1990.

Акматалиев А. Көркөм кол өнөрчүлүк (окуу куралы). – Фрунзе: Мектеп, 1984.

Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975.

Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Бишкек: «Шам», 2000.

Акматалиев А. Кыргыздын нукура тамак аштары. – Бишкек, 2000.

Акматалиев А. Өрмөкчүлүк жана токуучулук (окуу куралы). – Фрунзе, 1990.

Акматалиев А.А. Балдарга арналган салт жана ырым жырымдар. – Бишкек, 2002.

Анатомиялык-физиологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе: Илим, 1964.

Аңчылык терминдеринин кыргызча-орусча сөздүгү. Түз. А. Биялиев. – Фрунзе, 1967.

Археология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, Илим, 1979.

Архитектурный русско-кыргызский терминологический словарь. – Бишкек, 2006.

Астрономия. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Астрономиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, 1965.

Атеизм боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, 1988.

Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү. Түз. А.А.Алдашев. «Кыргызстан-Сорос» фонду. – Бишкек, 1998.

Биология. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Большой академический словарь русского языка. Москва – Санкт-Петербург, 2005, 1, 2, 3 том.

Ботаника боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, Илим, 1988.

Геология. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Геологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. А-Я – Бишкек, 2005.

Гидрометерология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү.– Фрунзе: Илим, 1980.

Дүйнөлүк поэзиянын антологиясы. – Бишкек: «Шам», 2004.

Иш кагаздары боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе, 1988.

Ишкердик боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. – Бишкек, 2003.

Казак адабий тилинин сөздүгү I – VI том. – Алматы, 2006.

Казак тилинин сөздүгү. – Алматы, 1999.

Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек: «Кыргызстан», 1995. II том.

Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек: «Кыргызстан», 1995. I том.

Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек: «Кыргызстан», 1998. III том.

Карасаев Х. «Накыл сөздөр» КСЭнин башкы редакциясы. – Ф., 1986.

Карасаев Х. Кабус наама. – Бишкек: Шам, 1996.

Карасаев Х. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү (толукталып кайрадан басылышы) Б., 2009.

Карасаев Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр. КСЭ нин башкы редакциясы. – Фрунзе, 1986.

Кесиптик-техникалык окуу жайларынын окуучулары үчүн коомдук саясий сөздүк. Түз. О.Сагынбаев. – Бишкек: Мектеп, 1993.

Компьютер жана интернет. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Коомдук-саясий терминдердин орусча-кыргызча сөздүк-словарниги. – Фрунзе: «Илим», 1979.

Культурологиялык орусча-кыргызча жана орусча терминологиялык сөздүк. – Бишкек, 2006.

Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. Түз.: Р.Кыдырбаева, К.Асаналиев. – Бишкек, 2004.

Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түзүүчүлөр: Ж.Шериев, А.Муратов. – Бишкек, 2003.

Кыргыз даамы. Түз. Т. Бөрүбаев. – Бишкек, 1992.

Кыргыз диалектологиялык сөздүгү. Түз. Ж. Мукамбаев. – Бишкек, 2009.

Кыргыз музыкасы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Кыргыз педагогикасы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Кыргыз сүрөт искусствосу. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Кыргыз тарыхы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү. – Фрунзе, 1988.

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН
# ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

***Экинчи бөлүк***

Редакторлор: *А. Кадырмамбетова, М. Касымгелдиева*
Тех.редактор: *Төрөкулов К. Э.*

Басууга 20.03.19-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{8}$.
Көлөмү 100,0 басма табак.
Нускасы 1000. Заказ № 7

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51